C 2
K97



ЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ЫРГЫЗ ССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИНИН БАСМА, ПОЛИГРАФИЯ ЖАНА КИТЕП СООДА
ШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИ

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

БАШКЫ РЕДАКТОР:
АСАНБЕК ТАБАЛДИЕВ

БАШКЫ РЕДАКЦИЯ МҮЧӨЛӨРҮ:

А. АБАКИРОВ, М. АБДРАЕВ, Т. АБДЫЛДАЕВ, М. М. АДЫШЕВ, Г. АЙТИЕВ, Ч. АЙТМАТОВ, А. АЛДАШЕВ, Т. М. АЛМАЕВ, А. АЛТЫМЫШБАЕВ, А. А. АЛТЫМЫШЕВ, К. АЛЫМКУЛОВ, Т. АСКАРОВ, С. БЕГАЛИЕВ, С. БЕГМАТОВА, Б. ЖАМГЫРЧИНОВ, С. ЖИГИТОВ (башкы редактордо орун басар), Ж. ЖЭЭНБАЕВ, Н. И. ЗАХАРЬЕВ, А. Э. ИЗМАЙЛОВ, С. ИЛЬЯСОВ, М. ИМАНАЛИЕВ, А. КАНИМЕТОВ, К. КАРАКЕЕВ, А. КАРЫПКУЛОВ, Б. КЕРИМЖАНОВА, К. КОНДУЧАЛОВА, К. Н. КУЛМАТОВ, А. КУТТУБАЕВ, А. МАМЫТОВ, М. М. МИРРАХИМОВ, К. МОЛДОБАЕВ, К. К. ОРОЗАЛИЕВ, Б. Ө. ОРУЗБАЕВА, К. ОТОРБАЕВ, С. ӨМҮРЗАКОВ, М. РЫСКУЛБЕКОВ, Т. САРБАНОВ, К. СУЛАЙМАНКУЛОВ, С. ТАБЫШАЛИЕВ, А. ТОКТОНАЛИЕВ, Ж. Ж. ТУРСУНОВ, К. К. ЮДАХИН.

1

А—БЮСТ

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

ФРУНЗЕ — 1976

К97

КСЭнин БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ.

А. ТАБАЛДИЕВ — башкы редактор, Кыргыз ССР ИАнын мүчө корр., филос. илимд. доктору.
С. ЖИГИТОВ — башкы редакторго орун басар, филол. илимд. кандидаты.

ИЛИМИЙ-ТАРМАК РЕДАКЦИЯЛАР

Адабият жана искусство. К. ДАУТОВ — редакция башчысы, филол. илимд. кандидаты, А. КҮРӨГӨНОВ — ст. ил. редактор,
А. ДУНГАНОВ, Н. КУЛМАТОВ (филос. илимд. кандидаты), О. АМАНТУРОВА — ил. редакторлор, Г. МАКИМБЕТОВА — кенже редактор.
Биология, химия жана медицина. А. ЭШИМКАНОВ — редакция башчысы, Б. ТАЛЫПОВА — ст. ил. редактор, С. КОРОЧИЕВА — ил. редактор, А. ИШИМКАНОВА — кенже редактор.
География жана геология. М. КОШОЕВ — редакция башчысы, З. БЕЙШЕЕВ — ст. ил. редактор, Ө. БАРАТАЛИЕВ, С. МОЛДОСАНОВ — ил. редакторлор, Т. БАТЫРЖАНОВА — кенже редактор.
Партия тарыхы жана философия. А. ДӨӨЛӨТБАЕВ — редакция башчысы, И. АТАШБАЕВ — ст. ил. редактор, филос. илимд. кандидаты, Б. ТӨЛӨКОВ — ил. редактор, Ш. КАПТАГАЕВА — кенже редактор.
Жалпы тарых жана СССР тарыхы. К. ЭСТЕБЕСОВ — редакция башчысы, С. МАКЕНОВ, Ш. УСУПБЕКОВ — ст. ил. редакторлор, К. АБДРАЕВ, К. САБЫРОВ — ил. редакторлор, Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА — кенже редактор.
Физика, математика жана техника. С. ЖУМАБАЕВ — редакция башчысы, физ.-матем. илимд. кандидаты, А. ӨМҮРЖАНОВ — ст. ил. редактор, Н. БАЗАРБЕКОВ, А. ДЫЙКАНОВ — ил. редакторлор, Ш. АСАНОВА — кенже редактор.

У. ИСЛАМОВ — жооптуу секретарь.
А. В. МУСИЕНКО — жооптуу секретардын өндүрүш б-ча орун басары.

Экономика жана айыл чарба. А. СЫДЫКБАЕВ — редакция башчысы, Т. КАЗИЕВ — ст. ил. редактор, К. АТЫШОВ, Р. МОЛДОКУЛОВ — ил. редакторлор, А. БЕЙШЕНОВА — кенже редактор.
Илимий жана адабий контроль. К. РЫСАЛИЕВ — редакция башчысы, филол. илимд. кандидаты, Б. АБЫЛГАЗИЕВ, С. АСАНКУЛОВ (филос. илимд. кандидаты), М. ТОКТОСУНОВ, К. САКТАНОВ — ст. ил. редакторлор, К. БЕГМАТОВА, С. ОЛЖОБАЕВ, Ж. ТӨЛӨМҮШЕВ — ил. редакторлор, А. АТТОКУРОВА — редактор-библиограф, П. АРЫКОВА — кенже редактор.
Иллюстрация жана картография. Э. Р. КАСЫМОВ — редакция башчысы, К. АКМАТАЛИЕВ, И. А. ЕФИМОВ — ил. редакторлор, С. ИБРАГИМОВ — редактор, С. З. ТАРХАНОВ — фотолаборатория башчысы.
Сөздүк бөлүмү. Б. ТӨРӨКУЛОВА — ст. ил. редактор, Ж. САГЫНОВ — ил. редактор.
Корректорлор бөлүмү. Р. ШАМАНАЕВА — бөлүм башчысы, У. АЛЫМБАЕВА, К. ӨМҮРАЛИЕВА — ст. корректорлор, Д. БУРЖУБАЕВА, Р. ИСКАКОВА, Р. СЫДЫКОВА, Ж. ЕЛТИНОВА — корректорлор.
Комплекттөө бөлүмү жана китепкана. Б. КАНГЕЛДИЕВА — бөлүм башчысы, Ш. САДАБАЕВА — инженер-комплектатор, К. ОСМОНОВА — ил. китепкана башчысы.
Өндүрүш бөлүмү. В. И. КОМЕРОВА — ст. тех. редактор.
Машбюро. Г. КАЧКЫМБАЕВА, Б. БОРОНБАЕВА — тех. ред.-машинисткалар, С. БАЯКУНОВА — ст. машинистка.
Пландоо бөлүмү ж-а бухгалтерия. У. СУЛАЙМАНОВА — башкы бухгалтер.

КСЭни ЧЫГАРУУГА КАТЫШКАН ИШКАНАЛАР.

Кыргыз ССРинин 50-жылдыгы атындагы Кыргыз полиграфкомбинаты. Директору Т. С. СУВАНБЕРДИЕВ, башкы инженери З. З. ВАЛИТОВ, өндүрүш бөлүмүнүн начальниги В. С. АГРАНАТ, башкы технологу Б. Б. БЕЙШЕНОВ, терүү цехинин технологу Т. Я. ШИЛОВА, линотипчилер З. Х. ХАСАНБАЕВА, Т. ПОДОРВАНОВА, вариоклишеграф оператору А. И. ГУРЬЕВ, версткачы Р. В. ВАРФОЛОМЕЕВА, басма цехинин старший мастери Э. ИГЛИКОВ, басуучулары В. ДОЛГОПОЛОВ, В. ЧУМАКОВ, В. ЗНАМЕНСКИЙ, мукабалоочу цехтин технологу Л. А. ПАРФЕНЕНКО, мукабачылар Р. АГРАНАТ, Г. ЕРЕМИНА, Р. ХЛОПОНИНА.

Казакстан КП БК басмасынын басмаканасы. Директору А. С. ТИЛЕУЛЕСОВ, баш инженер Г. В. ДЕРЕВЯНКО, цинкография башчысы Ю. А. ФИЛИПЬЕВ, мастер В. И. БЕЛЯЕВА.

Түстүү карталарды даярдап, басмадан чыгарууга СССР Министрлер Советинин геодезия жана картография боюнча башкы башкармасына караштуу Ташкендеги фабриканын төмөнкү кызматкерлери катышты: Г. П. РАЙЗМАН (фабрика директору), Л. В. ГЛУШКОВА, И. А. КОНОНОВИЧ, А. С. ЛАТИПОВА, К. Л. ПОПРЕТИНСКИЙ, Т. А. ПЛАТОНОВА, Т. В. ПЯТОВА, Т. Г. РАЗУВАЕВА, В. И. СОБИН, А. И. ТИМОФЕЕВ, Н. Г. ТОЛСТОБРОВА, С. И. ХРАМОВ, В. Н. ЧУДАЕВ.

459518

Центр... ...ная БИБЛИОТЕКА Академии наук Кирг. ССР

БАШКЫ РЕДАКЦИЯДАН

Кыргыз Совет Энциклопедиясы (КСЭ) Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин атайын токтому боюнча чыгарылып жатат.

Алты томдон турган улуттук-универсал энциклопедиянын биринчи жолу кыргыз тилинде чыгышы республикабыздын советтик доордо жалпы коомдук өнүгүш жактан зор тарыхый ийгиликтерге жетишкенин айкындап, партиябыздын лениндик улут саясатынын аркасы менен өнүп-өскөн кыргыз элинин рухий мүмкүнчүлүктөрүнө, улуттук адабий тилибиздин өөрчүшүнө айдан ачык далил болот.

КСЭ жалпы адамзат иштеп чыккан коом жана табият жөнүндөгү илим-билимдердин тартипке салынган жыйнагы катары кыргыз элинин калың катмарына, тактап айтканда, эл чарбасынын, илим менен маданияттын түрдүү тармактарында иштеген адистерге, жалпы эле билимге ынтызар кишилерге арналат.

Кыргыз Совет Энциклопедиясы эң оболу СССР башында турган социалисттик өлкөлөрдүн экономика, маданият, илим жагынан жетишкен эбегейсиз зор ийгиликтерин, жалпы совет калкынын революциялык күрөштөгү жана эмгектеги улуу жеңиштерин, КПССтин көсөмдүк жана баатырдык иштерин, эл аралык коммунисттик жана жумушчу кыймылынын, улуттук-боштондук үчүн күрөштүн тарыхый тажрыйбасын жана азыркы өнүгүш абалын көрсөтөт.

Дүйнөлүк социалисттик системанын өөрчүшү, капитализмдин кедери кетиши, колониялык системанын кыйрашы, улуттук өз алдынчалыкка жетишкен жаш мамлекеттердин көбөйүшү сыяктуу жаңы тарыхтын эң орчундуу окуялары менен фактылары да КСЭде чагылат.

КСЭ марксизм-ленинизмдин негизги тармактары жана түшүнүктөрү, тарыхый жана актуалдуу маселелери, революциялык теориянын КПСС жана башка марксчик-лениндик партиялар тарабынан өнүктүрүлүшү тууралуу толук маалыматтар берет; буржуазиялык түзүлүштү жактагандардын, антикоммунисттердин, оңчул жана «солчул» ревизионисттердин ой-пикирлерин жана аракеттерин ашкерелейт.

Биздин Энциклопедия окурмандарга илимдин бардык тармактарынан, асыресе азыркы илимий-техникалык революциянын олуттуу багыттарынан кыскача жана так кабарлар берет. Алардын баары дүйнөлүк илим-билимдин бүгүнкү деңгээлинде баяндалат.

КСЭ кыргыз элинин өткөндөгү тарыхынан, маданиятынан, салт-санаасынан кеңири түшүнүк берет. Ал айрыкча социалисттик жана коммунисттик курулуштун мезгилиндеги КПССтин лениндик улут саясатын ырааттуу түрдө турмушка ашырылышынын натыйжасында СССР элдеринин бир тууган үй-бүлөсүндө Советтик Кыргызстандын эл чарбасынын жана маданиятынын ар тараптан гүлдөшүн, боордош элдердин, биринчи иретте улуу орус элинин жардамын, ошондой эле элибиздин жалпы советтик рухий казынага кошкон кошумчаларын айрыкча даңазалайт. КСЭнин Кыргыз ССРине арналган атайын тому кыргызча жана орусча чыгат.

Биздин Энциклопедияда дүйнөлүк жана советтик айтылуу адамдар менен катар республикабыздын атактуу кишилери, белгилүү коомдук жана маданий ишмерлери, Советтер Союзунун жана Социалисттик Эмгектин Баатырлары тууралуу таржымалдык макалалар басылат.

Энциклопедиянын томдору жүздөгөн ар түрлүү сүрөттөр, карталар, портреттер, чиймелер менен кооздолот.

Бул улуттук-универсал китепти жазууга миңдеген адамдар, эң оболу өз ишинин билермандары — эл чарба адистери, илимпоздор, жазуучулар, журналисттер, искусство кызматкерлери, коомдук жана мамлекеттик ишмерлер белсене киришип жатат.

Кыргыз Совет Энциклопедиясын даярдоодо өлкөбүздө чыгарылган универсал, универсал-улуттук жана тармактык энциклопедиялардын тажрыйбалары жетекчиликке алынды.

КСЭнин Башкы редакциясы ишке киришкенден тартып республиканын жалпы журтчулугуна кайрылып, энциклопедияга кире турган терминдердин тизмесин партиялык жана советтик органдарга, илимий мекемелерге, газета-журнал редакцияларына, жогорку окуу жайларынын кафедраларына, чыгармачыл уюмдарга, айрым адистерге жиберген. Алар Башкы редакциянын алдында түзүлгөн редакциялык советтерде да талкууланды. Натыйжада жалпы коомчулуктан үч миңден ашуун сунуш түшүп, алардын көпчүлүгү эске алынды. КСЭге кирчү терминдердин тизмесин тактоого БСЭнин (Большая Советская Энциклопедия) кызматкерлери да көмөк көрсөттү.

Ушул биринчи томдун макалаларынан 8 макет (китепче) чыгарылып, редакциялык советтерде жана илимий мекемелерде бардык жагынан каралды, адистер тарабынан рецензияланды, көпчүлүктүн элегинен өттү. Мунун баары терминдердин тактылышына жана иргелишине, макалалардын сапат жагынан жакшырышына мүмкүнчүлүк түздү. Башкы редакция КСЭнин ишине активдүү катышып, сунуштары жана пикирлери менен жардам бергендерге ак пейилден ыраазылык билдирет, алар энциклопедиянын калган томдорун чыгарууга да жардамын аябайт деп үмүт кылат.

Башкы редакция КСЭнин негизин түзүүдө Кыргыз ССР ИАнын академиги маркум Ж. А. Алышбаевдин баалуу эмгегин айта кетүүнү ылайык деп табат.

ЭНЦИКЛОПЕДИЯДАН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРГА

Кыргыз Совет Энциклопедиясындагы макалалар («сөздөр») алиппе тартиби менен жайгаштырылып, аттары чоң кара арип менен терилди. Айрым ири макалалар, мис., мамлекет, союздук жана автономиялуу республикалар жөнүндөгү макалалар бир нече бөлүктөн туруп, ар бирине кичине темалар коюлду.

Макаланын аттары көбүнчө жекелик санда алынып («Айыл», «Алга», «Автомобиль» ж. б.), илимге сиңип кеткен айрым терминдер гана көптүк санда берилди. Мис., «Кислоталар», «Минералдар» ж. б.

Мекеменин, уюмдун аттары бир нече сөздөн турса, адегенде негизги аты берилип, андан кийин толук аталышы арасы ачылып (разрядка менен) терилди: КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ СССРдин 50 жылдыгы атындагы.

Бир маанидеги термин эки түрдүү аталса, адегенде илимде кабыл алынганы кара менен басылып, ага удаалаш элде айтылганы арасы ачылып (разрядка менен) берилди: АППЕНДИЦИТ, сокур ичеги ж. б. Терминдин синоними болсо, анда негизги аттан кийин кашаага алынып, разрядка менен терилди. Мис., АКТЮБИНСК (Ак-Төбө) ж. б.

Орус же чет тилден алынган макала аттарынын керектүү жерине орусча айтылышындай басым белгиси коюлду.

Калайыкка таанымал айрым адамдардын адегенде ысымы жазылып, фамилиясы анын артынан берилди. Мис., ТОКТОГУЛ Сатылганов, АБАЙ Кунанбаев ж. б. Кээ бир атактуу адамдар эл оозуна жана тарыхка псевдоним (ылакап ат) менен кирсе, макала ошол атына жазылып, чын аты көрсөтүлгөн жерде ага аныктама гана берилип, шилтеме жасалды. Мис., АБДЫРАКМАНОВ БАЙЫМБЕТ (1860—1942) — кыргыздын улуу жазма ырчысы, кыргыз ырчылар поэзиясынын классиги, жомокчу, к. *Тоголок Молдо*.

Бир нече географиялык ат бир түпкү төркүндөн чыкса, алгач ошол түпкү төркүн сөзгө жазылган макала берилип, калгандары ага удаа жайгаштырылды. Мис., АК-САЙ (өзөн), АК-САЙ (кыштак) ж. б.

Белгилүү адамдар жана алардын атындагы шаар, район, кыштак катар келсе, адегенде ошол адамдын өзү жөнүндөгү макала берилип, калгандары андан кийин жайгаштырылды. Мис., БӨКӨНБАЕВ Жоомарт (акын), БӨКӨНБАЕВ (кыштак).

Чет өлкөлүк таанымал ишмер, жазуучу ж. б-дын ысымдарынын алдына келүүчү «де», «фон», «ван» дегендей мартабаны билгизүүчү белгилер БСЭнин үлгүсү боюнча негизги фамилиянын соңуна чыгарылды. Мис., Шарль де Голль — ГОЛЛЬ Шарль де деп, Оноре де Бальзак — БАЛЬЗАК Оноре де деп берилди.

Энциклопедияда мазмуну жагынан өтө жакын макалалар арбын учурагандыктан, алардын биреөндө маалыматтар толук берилсе, экинчисинде кыскача гана айтылып, информация кеңири берилген макалага шилтелди: Мис., АГРОМЕТЕОРОЛОГИЯ, к. *Айыл чарба метеорологиясы*.

КСЭде мурда берилген маалыматтарды кайталабоо жана окурмандын керектүү материалды тез табышына жардам претинде шилтемелер арбын колдонулду. Шилтеменин бир нече түрү бар. Мис., соз болуп жаткан макаланы толуктай турган материалга шилтеме «к.» (кара) деген тамга менен көрсөтүлдү. Ал эми макалага байланышы бар окуялар, адамдар ж. б. анын ичинде аталса, анда ал жантайыңкыраак бөтөнчө тамгалар (курсив) менен берилди. Мындай учурда окурман ошол окуя же адам тууралу КСЭнин тиешелүү томунда, бетинде өзүнчө макала берилгенин туюнат.

Макалалардын бир катарына иллюстрация берилди. БСЭнин 3-басылышынын тажрыйбасын пайдаланып, КСЭ иллюстрацияны эркин жайгаштырды. Ошондуктан портреттин, сүрөттүн, картанын макала басылган бетке келбей калышы мүмкүн, андай учурларда окурман аны башка беттен таба алат.

СССР элдеринин тилинде чыккан газета-журналдардын аттары ар улуттун өз тилинде жазылып, кыргызча котормосу кашаанын ичинде берилди: «Патма-банасиракан андес» (Тарыхый-филологиялык журнал) ж. б.

Россиянын революцияга чейинки тарыхындагы окуялардын даталары эски (юлиан) календарь боюнча, бөтөнчө маанилүү окуялар эски жана жаңы (григориан) стиль боюнча көрсөтүлдү. СССР тарыхынын 1918-жыл 14-февралынан (жаңы стиль боюнча 1-февраль) кийинки даталар, ошондой эле башка өлкөлөрдүн тарыхындагы даталар жаңы календарь стили боюнча берилди.

Таржымал макалаларда фамилия менен ысымдан кийин кашаанын ичинде туулган, өлгөн жылы, эгер макала көлөмдүү болсо, туулган, өлгөн жери да кошо көрсөтүлдү. Мис., БЕЙШЕНАЛИЕВА Бүбүсара (15. 9. 1926, Аламүдүн р-ну, Таш-Төбө кыш.,— 10. 5. 1973, Фрунзе). Ата Мекендик ишмер, жазуучу ж. б-лардын туулган, өлгөн жылдары эски стилге туура келсе, дата жыл саноонун эки стили (эски, жаңы) боюнча көрсөтүлдү. Мис., БЕЛИНСКИЙ Виссарион Григорьевич [30. 5 (11. 6). 1811, Свеаборг,— 26. 5 (7. 6). 1848, Петербург].

Орун үнөмдөө үчүн КСЭде кыскартуу көп колдонулду. Кыргыз тилиндеги жалпыга белгилүү кыскартуулардан (ж. б., д. у. с.) бөлөк энциклопедиянын принцибине ылайык кыскартуулар алынды. Алар ар бир томдун аягына тиркелет.

Энциклопедияга кирген ар бир макаланын аты тексттин ичинде кайталанганда, анын биринчи тамгасы гана берилет: АЛМА — А. Эгер макаланын аты бир нече сөздөн турса, алардын биринчи тамгалары алынат. Мис., АЛАЙ КЫРКА ТООСУ — А. к. т.

Чен бирдиктери жана алардын белгилениши СССРде 1963-ж. 1-январда кабыл алынган боюнча эл аралык бирдиктер системасына (СИ) ылайык алынды.

Зарыл деген жерлерде макалага библиография берилди.

А

А—1) латын, орус жазма-чиймесин урунган элдердин, асыресе кыргыз элинин алиппесиндеги биринчи тамга. Ал адегенде байыркы финикия жазмасында жаралып, андан байыркы грек жазмасы аркылуу латын ж-а орус алфавитине өткөн. Бу тамга кыргыз адабий тилинде кең, жоон, эринсиз үндүү тыбышты туюндурат. 2) Түпкү теги гректе, айрым чет элдик сөздөрдүн башында турган «а» (үндүүлөрдүн астында «ан» формасын алат) кыргызча «-сыз» мүчөсүндөй терс маанини түшүндүрөт. Мис., ассиметрия — симметриясыз, анаэробиоз — аэробиозсуз.

ААЛАМ — материянын өнүгүү процессинде чексиз, ар түрдүү форма алып, мейкиндик ж-а убакыт жагынан чектелбеген бүткүл дүйнө. А-ды изилдөөгө бардык табият таануу илимдери катышып, космология илиминин негизин түзөт. А-дын азыр бизге дайын болгүчө астрономия изилдейт. Жер — А-дагы телолордун бири. Жерден башка планеталар бар экендиги, алардын баары биригип Күн системасын түзө тургандыгы белгилүү. Күн системасынын диаметри 10 млрд. *км* ге жакын. Бул аралыкты жарык нуру 10 саатта басып өтөт. 20-к-дан бери Күн системасын кошо камтыган *Галактиканы* изилдөө өөрчүй баштады. Биздин Галактиканын чеги 100 миң жарык жылына барабар экендиги ж-а андан тышкары башка Галактикалар да бар экендиги 20-жылдарда белгилүү болгон. Галактикалар бизден канчалык алыс болсо, спектринде байкалган сызыктардын кызыл нурга карай жылганы байкалат. Капит. өлкөлөрдөгү айрым астрономдор азыркы күндө акырына чейин ачыла элек бул кубулушту пайдаланып, дүйнөнүн жаралышы ж-дөгү идеяны «илимий» негиздөөгө, фидеизмди жайылтууга аракет жасайт. А-дын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири — андагы материянын бир калыпта эмес жайланышы. Материянын негизги бөлүгү өтө чоң тыгыздыктагы космос телолорунда (жылдыздарда, планеталарда), тыгыздыгы эң аз заттар А-дын калган көлөмдөрүндө жайланышкан. Мында да заттар бир калыпта таралган эмес. Газ м-н чандын тыгыздыктары (10^{-24} — 10^{-25} *г/см*^{3}) кадимки жылдыздар аралык мейкиндиктин тыгыздыгына салыштырганда көп эсе чоң. Асман телолор системасынын түзүлүшүн изилдөө үчүн ал телолордун мейкиндикте орун алуусуна ж-а кыймылына таасир эткен күчтөрдүн жаратылышын билүү зарыл. Планеталардын айланышы, кометалардын ядросунун Күн системасындагы кыймылы толугу м-н бүткүл дүйнөлүк тартылыш күчү аркылуу түшүндүрүлөт. А. качан жаралган деген суроого идеалист астрономдор: ал жоктон жаралып, андан бери 2 млрд. жыл өттү,— деп далилдөөгө аракеттенишип, бул убакытты А. нөл радиустан азыркы чоңдукка чейин кеңейтүүгө кеткен мезгил катарында эсептешет. Материалист астрономдор асман телолорунун системасынын жашоо убактысы анын ичине кирген кичирээк системалардын жашоо убактысынан чоң деп далилдешет. Мис., оңдоин галактиканын жашоо убактысы Күн системасына салыштырмалуу алганда, алда канча чоң. Жылдыздардын же башка асман телолорунун жашоо убактысы алардын өз классындагы телолордун сапатына дейре өнүгүп жеткен мезгилинен баштап эсептелет. Анда жандуу жаратылыш Жерде гана эмес, башка жылдыздарды тегеренген планеталарда да болушу мүмкүн деп болжолдоого болот.

Ад.: Энгельс Ф., Диалектика природы, М., 1969; Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Чыг., кырг. 1-бас., 14-т., Фр., 1957; Амбарцумян В. А., Эволюция звезд и астрофизика, Ер., 1947; Шкловский И. С., Вселенная, жизнь, разум, М., 1965.

ААЛТО Алвар Хуго Хенрик (1898-ж. т.) — фин архитектору. Финляндия, Швеция, АКШ ж. б. өлкөлөрдө иштеген. Быбордогу шаардык китепкана (1927—35), Паймиодагы санаторий (1929—33), Хельсинкидеги жумушчулардын маданият үйү (1955—58), Топпиледеги (1930—31), Сунилдеги (1936—39) ж-а Оулудагы (1951—57) коомдук ж-а о. жайлык имараттардын долбоорун курган. Рованиеми, Сяйнятсало ш-ларынын планын түзгөн (1946—52). А. архитектурадагы жаңы принциптерди улуттук салттар м-н айкалыштырып, өз алдынча чыг-лык стилге жетишкен.

ААРЫ (Apoidea) — жаргак канаттуулар түркүмүндөгү курт-кумурска. Денеси түктүү, уз. 1,5 *мм* ден 5 *см* ге чейин, көпчүлүгүнүкү 1—1,5 *см*. А-ным ооз органдары кемирүүгө, жалоого ылайыкталып жаралган. А-ным 30 миңге жакын түрү белгилүү, көпчүлүгү тропиктик ж-а субтропиктик өлкөлөрдө кеңири таралган. Алар уюкташып жашоочу, жекече жашоочу ж-а көчкө А. болуп бөлүнөт. Уюкташып жашоочу А-дын тобуна шимикчи А., мелипон, Кырг-нда кездешүүчү жапайы А., Индияда А-ным үч түрү ж-а бакма аарылар кирет. А-лардын мелипон тукумдары Америкада, тригон Австралияда, Африкада, Индияда, Индокытайда, Индонезияда ж-а Түш. Америкада жапайы жашайт. Жапайы аарылар О. Азиянын, Кавказдын, Башкырт АССРинин токойлорунда арбын кездешет. Уюкташып жашоочу А. жер шартына жараша дарак көңдөйүнө, таштардын коңулуна, жардын же тамдын кычыгына уюктайт. Булар бакма А. сыяктуу эле жаңы уюк болуу м-н көбөйөт. А. адегенде бакма түрүндө Индияда, Кытайда, Японияда, Ы. Чыгышта естүрүлө баштаган. Жекече жашоочу А-ным тукуму дүйнө жүзүндө өтө көп. СССРде бакчы, гүлчү, жыгаччы, ийинчи ж. б. тукумдары бар. Булардын көпчүлүгү О. Азияда, асыресе Кырг-нда да кездешет. Көкүк А-лар өздөрү уюк жасабай, башка аарылардын уюктарына тукумдайт. А. өсүмдүктөрдү чаңдаштырууда зор роль ойнойт, к. *Бакма аары.*



Аары — *1* — Audrena haemorrhoa (Andrenidae тукуму); *2* — Nomia diversipes (Halictidae тук.); 3 — Melitta leporina (Melittidae тук.); *4* — Megahile argentata; *5* — Heriades sp.; *6* — Coelioxys sogdiana (Megachilidae тук.); *7* — Nomada Fedtshenkoi; *8* — Eucera clypeata; *9* — Melecta fuscipennis (Anthophoridae тук). Эне аарылар.

ААРЫ БИТИ (branla coeca) — браула тукумунун бир түрү. Канаты жок майда мите. Денеси (уз. 1—1,5 *мм*) кызыл күрөң, кара түктүү; башы чоң, жазы; буту кыска; тарак сымал тырмакчасы бар. Бакма аарылардын денесинде мителик кылып, *браулез* оорусун пайда кылат.

ААРЫ ЗЫЯНКЕЧТЕРИ — аары чарбачылыгына зыян келтирүүчү ар түрдүү мителер ж-а жырткычтар. Аары мителери: амеба, грегарина, нозема, ак курт, кене, жумур баш, канатсыз чымын, кычы коңуз, *аары бити*. Булар аарынын денесине жабышып, мителик кылат. Уюк мителери: момчу,

гүл чаңчы, эмерекчи ж-а тамчы күбөлөр, кыпчуур, тарпкор теричи, анткор коңуз, аары кенеси. Бул мителер көбүнчө уюктун ичинде жашап, балды, момду, гүл чаңын жейт. А. з. карышкыр аары, заардуу, шимикчи аары, түктүү карышкыр аары, аңчы чымын, кумурскалар, жергөмүштөр, өлүк баш көпөлөктөр, аарычы куш, сары аарычылар, ала дуңгандар, борбаштар болот. Айрым учурда аюулар да аары уюктарын талкалап, балын, уруктарын жеп кетет. А. з. мех., хим. ж. б. жолдор м-н жок кылынат.

ААРЫ УУСУ — бал аарысынын чагуучу ийнесинин түбүндөгү бези бөлүп чыгаруучу уулуу суюктук; ар түрдүү хим. бирикмеден турган татаал зат. Бул бирикменин ичиндеги уу зат мелиттин — протамин тибиндеги белок. А. у-да активдүү ферменттер бар. А. у. кургак бойдон күчүн жоготпой жылдап сакталат. Муну сууга эритип кайнатса, же ичеги-карын зили таасир тийгизсе, күчүн жоготот. Аары чакканда, болжол м-н 0,2—0,3 *мг* уу бөлүп чыгарат. А. у. тирүү клеткаларга тийгенде, цитоплазмасы эрип кетет. Сүт эмүүчү жаныбарлардын организми, аары чакканда, татаал комплекстүү реакция м-н жооп кайтарат. А. у. элдик медицинада дары катарында эзелтен колдонулуп келатат. Ал үчүн сыркоолуу кишини кылдаттык м-н аарыга чактырышат. А. у-нан 1-жолу 1927-ж. Германияда дары препараттар жасалган. Азыр Европа м-н Американын көп мамлтеринде препараттар чыгарылууда. ГДРде апизартрон, Чехословакияда вирапин, СССРде венапиолин, токсапин чыгарылат. А. у. дары катарында кызыл жүгүрүккө, сөөк ооруларга, жанчкак, кобук, куяң ж. б. перифериялык нерв системасынын дарттарына, кептөөргө, шакыйга, гипертония оорусуна, тиреотоксикоздорго, кан тамырларынын дарттарына (эндартериоз, атеросклероз) каршы колдонулат.

ААРЫ ЧАРБАЧЫЛЫГЫ — бал, мом алуу ж-а өсүмдүктү чаңдаштыруу максатында өстүрүлүүчү а. ч-нын тармагы. А. ч.— эң байыркы чарбалардын бири. Б. з. ч. мезгилдерде эле байыркы Египетте, Ассирияда, Римде аары чарбачылыгы күтүлгөнүн археол. эстеликтер айгине кылат. Б. з. ч. 500-жылдарда СССРдин аймагында жашаган скифтер ж. б. элдер аарычылыкты кесип кылып, бал, мом м-н соода жүргүзүшкөн. 1—2-к-да славян урууларында да аарычылык өнүккөн. Бир нече рамалуу бал челекте аары өстүрүүнү 1814-ж. орус аарыкечи П. И. Прокопович ойлоп чыгарган. Биринчи дүйн. ж-а гражд. согуш учурунда Россияда бал челектин саны азайып кеткен. 1919-ж. 11-апрелде В. И. Ленин кол койгон «Аарычылык ишин коргоо жөнүндө» токтом чыккандан кийин, Сов. Союзунда аарычылык жолго коюлуп, соц. а. ч-нын бир тармагына айланып, бал челек короосу м-н бал челектин саны тез өскөн. 1941-ж. СССР 10 млн. (бардыгы рамалуу) бал челек күтүп, дүйнөдө биринчиликти ээлеген. 1955-ж. СССРде бал челектин саны 9 млн-го жеткен. 1970-ж. дүйнөдөгү бардык бал челектин жартысы — 20 млн-дон көбүрөөгү соц. өлкөлөрдө, анын 11 млн-дон ашыгы СССРде болгон. Сов. Союзунун дээрлик бардык жеринде А. ч. бар. Аары асыроочу негизги райондор — Ы. Чыгыш, Сибирь, Украина, Кавказ, Башкырт ж-а Татар АССРлери. Кырг-нда 80 миңге жакын бал челек бар. Илим м-н алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктеринин натыйжасында колхоз-совхоздордун бал челектеринен бал ж-а мом жыйноо жыл сайын өсүүдө. Алдыңкы чарбаларда ар бир бал челектен 100 *кг* га чейин бал жыйналып алынат.

ААРЫЧЫЛ КУШ (Pernis apivorus) — туйгундар тукумундагы жырткыч куш. Куйругу ж-а канат чалгындары узун. Жону кара күрөң, боору агыш, күрөң темгилдүү. Куйругунун учу кара, шыйрагы сары. А. к. Европада, К. Азиянын түн. жагында, СССРде: Бат. Сибирде, Алтайдын чыгышында, О. Азиянын кээ бир жерлеринде тараган. Кырг-нда келгин куш катары жаазында ж-а күзүндө кездешет. Бийик дарактарга уялап, эки жумуртка тууйт, ургаачысы м-н эркеги кезектешип 1 айча басат. Курт-кумурсканы, ар түрдүү аарыларды жейт.

АБА — жер атмосферасын түзүүчү, негизинен азот м-н кычкылтектен турган газдардын аралашмасы. А-нын, суунун таасиринен жер бетиндеги негизги геол. процесстер жүрүп, аба ырайы, климат өзгөрүлөт. 1775—77-ж. франц. химик Лавуазье А-нын составында азот м-н кычкылтек бар экенин ачкан. 1894-ж. англ. окумуштуулар Дж. Рэлей ж-а У. Рамзай А-да дагы бир элемент — аргон барын байкашкан. Итал. окумуштуу Г. Галилей (1632) А. суудан 400 эсе жеңил экендигин аныктаган. Кургак А. негизинен 78,09% азот N_2, 20,95% кычкылтек O_2, 0,93% аргон Ar, 0,03% көмүр кычкыл газы CO_2, өтө аз санда башка инерттүү газдар, суутек H_2, озон O_3, азот кычкылдары, көмүртек кычкылы CO, аммиак NH_3, метан CH_4, күкүрттүү газ SO_2 ж. б-дан турат. А-нын орточо мол. массасы 28,966. А-да азоттун, кычкылтектин ж-а инерттүү газдардын концентрациясы туруктуу. Кычкылтектин туруктуу болушун жер шарындагы өсүмдүктөр камсыз кылат (к. *Фотосинтез*). Көмүр кычкыл газынын, азот кычкылдарынын, күкүрттүү газдардын концентрациясы шартка жараша өзгөрүлүп турат. Ө. ж. ишканалары көп чоң шаарларда бул газдар арбын болунот. А-нын составында суу да туруктуу эмес (көлөмү б-ча 0,00002 ден 3% ке чейин). Мындан башка майда кыпын чаңдар да кездешет (к. *Аэрозолдор*). Деңиз деңгээлиндеги А-нын басымы 0°Сда 760 *мм сым. мам.* барабар. Бул шартта 1 *л* А-нын массасы 1,2928 *г*. Суюк А.— көгүш түстөгү суюктук, тыгызд. 0,96 *г/см*^{3} (—192°С). Нормалдуу басымда —190°С да бууланат. Аны дьюар идиштеринде сактайт. Кычкылтекке караганда N_2 ж-а Ar тез буулангандыктан, суюк А-нын составы туруктуу болбойт. Суюк А-ны фракциялык буулантуу жолу м-н таза азот, кычкылтек, аргон ж. б. инерттүү газдар алынат. Адамдын жашоосу үчүн А-нын проценттик составы, темп-расы, нымдуулугу ж-а кыймылы чоң мааниге ээ. Металлургиянын, химия ө. ж-нын, транспорттун, энергетиканын өсүшү А-да көмүр кычкыл газы сыяктуу зыяндуу газдардын көбөйүшүнө алып келет. А-нын булганышы адамдардын, айбандардын ж-а өсүмдүктөрдүн жашоо шартын начарлатып, кээде түрдүү ооруга чалдыктырат. А. — ө. ж-да кычкылтек, азот, инерттүү газдарды алуунун негизги сырьёсу.

АБА — кыргызда кичүүлөрдүн жашы улуу эркектерди ызааттап аташы же чакырышы. Кээ бир жерде А. деп кичүүлөр аталаш же жатындаш агасын гана айтат.

АБА ВАННАСЫ, к. *Аэротерапия*.

АБА ВИНТИ, *пропеллер* (лат. propellere — айдоо, түртүү) — авиациялык кыймылдаткычтын мех. энергиясын тартуу күчүнө айландыруучу жылдыргыч. А. в. кыймылдаткычтын валына кийгизилген күпчөктөн ж-а ага бекитилген ар түрдүү түспөлдөгү калакчалардан турат. Калакчалар дюралюминийден, болоттон же жыгачтан жасалып, А. в-нин диаметри 7 *м* ге жетет. Кыймылдаткычтын кубаттуулугуна жараша А. в. эки, үч, төрт калакчалуу болуп жасалат. Артка шиленген аба уюлгуган себептүү кубаттуулуктун коромжу болушун азайтуу үчүн бири бирине кийиштирилген



Кош октуу аба винти.

ж-а тескери багытта айланган кош октуу А. в. пайдаланылат. А. в. поршендүү ж-а турбовинттүү самолёттордо, вертолёттордо ж-а дирижаблдерде колдонулат. А. в-н түзүү идеясын 1475-ж. *Леонардо да Винчи* сунуш кылып, 1754-ж. М. В. *Ломоносов*, 1912—15-жылда Н. Е. *Жуковский* өөрчүткөн.

АБА ЖОЛУ — географиялык белгилүү жайлардын ортосунда самолёттор учуу үчүн абада белгиленген атайын тилке. А. ж. өткөн жерлерде самолёттор учуп-коно турган аэропорттор болот да, алар учуу коопсуздугун камсыз кылуучу аспаптар м-н жабдылат. СССРде А. ж. жерг., союздук ж-а эл аралык болуп бөлүнөт. *Жерг.* А. ж-да ири совхоздорду ж-а колхоздорду, райондорду, шаарларды республиканын, крайдын ж-а областтын борборлоруна катташтыруу уюштурулат. *Союздук* А. ж. Москва ж. б. ири шаарларды республикалардын, крайлардын, областтардын борборлору, ө. ж. р-ндору ж-а курорттор м-н байланыштырат. *Эл аралык* А. ж. СССРди чет мамл-тер м-н байланыштырат. Кырг-ндын А. ж. б-ча биринчи самолёт Ташкен — Пишпек — Алматы маршруту м-н 1919-ж. учуп өткөн. 1930-ж. Фергана — Анжиян аркылуу Фрунзе—Ош, 1933-ж. 7-ноябрда Фрунзе—Пржевальск, 1935-жылдан баштап түз учуучу Фрунзе—Ош маршруту түзүлгөн. 1975-ж. Кыргыз гражд. авиация башкармасы тейлеген А. ж. Кырг-ндын көпчүлүк жерин ж-а союздун 19 шаарын байланыштырып, анын жалпы уз. 60 миң *км* ге жеткен.

АБА ЖЫЛЫТКЫЧ — абаны жылыта турган жылуулук алмаштыргыч аппарат. Жылуулук берүүчү өткөргүч түтүк аркылуу батареяларга берилип, алар ысып, анан аба жылытылат. Жылуулук бергич катарында ысык түтүн, суу буусу, ысык суу же электр энергиясы пайдаланылат. Казан ж-а газ турбиналуу установкаларда, меш агрегаттарында, кургатуу ж-а ысытуу техникаларында кеңири колдонулат. Иштөө аракетине жараша А. ж. рекуперативдүү (үзгүлтүксүз) ж-а регенеративдүү (мезгил-мезгили м-н) жылуулук бергич болуп бөлүнөт.

АБА МАССАЛАРЫ — атмосферанын төмөнкү катмарында бир өңчөй жалпы касиетке ээ болуп, атмосф. циркуляция агымдарынын бири м-н жылып туруучу абанын чоң көлөмдөгү бөлүгү. Алардын өлчөмү горизонталь б-ча океан же материктердин чоң бир бөлүгүндөй аянтты ээлеп, пайда болушу белгилүү бир аймак ж-а андагы аба ырайы м-н байланыштуу. Ар бир аба м-нын өзүнө гана мүнөздүү аба ырайы режими болот. Алардын бир аймактан экинчисине жылып турушунан аба ырайы өзгөрөт. Аба м. геогр. зоналар б-ча *арктикалык* (антарктикалык), *уюлдук* (мээлүп), *тропиктик*, *экватордук* болуп бөлүнөт. Бул зоналардын ар биринде Аба м. деңиздик ж-а континенттик болуп өз-өзүнчө ажыратылат. Аба м.— климатология ж-а синоптикалык метеорол. илимдеринин негизги түшүнүктөрүнүн бири.

АБА МУЗДАТКЫЧ — абаны муздатуу үчүн ө. ж-ларда, үй тиричилигинде колдонулуучу аппарат. Абаны муздатуунун негизги үч системасы бар: 1) түздөн-түз муздатуу — муздатуучу агент (аммиак, фреон) муздаткыч камераларынын капталдарында орнотулган батареялар аркылуу акканда, ал камерадагы абанын жылуулугун өзүнө тартып алат; 2) туздардын эритмелери м-н муздатуу — эритмелерди же сууну форсунка м-н чачыратканда аба муздайт; 3) айкалыштырылган муздатуу — жогоруда аталган эки типтеги аппараттардын принциптери бирге иштетилет. Аба м. кургак ж-а суулуу болуп бөлүнөт. Муздатуу техникасында фарфор шакекчелүү Аба м. кеңири таралган.

АБА МУЗДАТУУ — жасалма жол м-н абанын темп-расын төмөндөтүү. Ал үчүн муздатуучу ар түрдүү заттар: туздардын эритмелери, табигый ж-а жасалма муз пайдаланылат. Алар муздаткыч установкаларда (к. *Аба муздаткыч*) колдонулат.

АБА ТЕРРИТОРИЯСЫ — мамлекет карамагына кирген жер-суулардын үстүндөгү аба мейкиндиги. Ар бир өлкө өз аба мейкиндигин пайдалануу эрежелерин аныктап, анын коопсуздугун коргойт.

АБА ТРАНСПОРТУ — жүргүнчү, почта, жүк ташуучу транспорттун бир түрү. А. т. 1-дүйн. согуштан кийин пайда болду. СССРде А. т-нун өнүгүшүнө 1923-ж. бүткүл росс. «Добролет» ыктыярдуу аба флоту ж-а «Укровоздухпункт» коомдорунун түзүлүшү өтө чоң түрткү берген. Сов. Союзу — дүйнөдөгү эң ири аба державасы. 1972-ж. аба жолунун уз. 780 миң *км* ди түзүп, А. т. 3500 айылкыштакты ж-а шаарды байланыштырган, 1971-ж. 82 млн. жүргүнчү, 2087 миң *т* почта ж-а жүк ташыган; токой, а. ч. үчүн 74 млн. *га* жерге хим. иштерди жүргүзгөн. 1950-жылдан тартып А. т-да винттүү самолёттор реактивдүү самолёттор м-н алмаштырыла баштады. Азыр ТУ-104, ТУ-114, ТУ-124, ТУ-144, ТУ-154, ИЛ-18, ИЛ-62, АН-10, ЯК-40 ж. б. самолёттор пайдаланылат. Сов. А. т. 1958-ж. дүйнөнүн 16, 1970-ж. 60 өлкөсү м-н катнашып турган. Кырг-нда А. т-нун өнүгүшү 1924-ж. Бүткүл росс. «Добролет» аба флотунун ыктыярдуу коомунун о. азиялык бөлүгүнүн түзүлүшүнө байланыштуу. Биринчи аба жолу Ташкен — Пишпек — Алматы болгон. Бул жол 1924-ж. 3-майда ачылган. Республикада А. т. негизинен Улуу Ата Мек. согуштан кийин өнүктү. Азыр респ-канын бардык райондору м-н А. т. аркылуу байланыш түзүлүп, Москва, Ленинград, Новосибирск, Баку, Ташкен, Киев, Караганда сыяктуу ири ш-ларга самолёт үзгүлтүксүз каттайт. Республиканын А. т. АН-2, ЛИ-2, ЯК-12 ден башка ИЛ-14, ИЛ-18, АН-24, ЯК-40, ИЛ-62 самолётгору м-н толукталууда.

АБА УКУГУ — аба мейкиндигин ж-а аба жол катнаштарын пайдалануу тартибин жөнгө салуучу укук нормаларынын жыйындысы. А. у. эл аралык ж-а мамл. ички укук болуп бөлүнөт. Айрым мамл. ички А. у. мамлекеттин жалпы ички укугундай эле социалдык-саясий мүнөзгө ээ. Мамлекеттин ички А. у. админ., гражд. ж-а уголовный укуктардын бир катар нормаларын ичине алат. СССРде А. у-нун негизги жоболору ж-а нормалары СССР Конституциясынын ж-а союздук респ-калардын конституцияларынын тийиштүү статьяларында, СССРдин Аба кодексинде ж-а айрым жоболору башка закон актыларында, СССР өкмөтүнүн токтомдорунда ачык көрсөтүлгөн. Эл аралык А. у. эл аралык укуктун составдуу бөлүгү катары анын негизги принциптерине ж-а эл аралык договорлорго таянат.

АБА ҮЙЛӨТҮҮЧҮ МАШИНА — абаны же бөлөк газды 1,1 ден 3,5 *ат* басымга чейин кысуучу ж-а үйлөтүүчү машина. Чоң басым берүүчү машиналар *компрессор*, ал эми 1 ден 1,1 *ат* га чейин басым берүүчү машиналар *желдеткич* деп аталат. Иштөө принциби б-ча А. ү. м. *поршендүү*, *борбордон четтөөчү*, *октук* ж-а *ротациялык* болуп бөлүнөт. Булар металлургия ө. ж-да кычкылтек м-н байытылган же атмосф. абаны *домна*, ватержакет мештерине, бессемер конвертерине берүү үчүн, хим., металлургия ө. ж-ларында газдарды шыкоо ж-а сордуруу үчүн колдонулат.

АБА ЧАБУУЛУНАН КОРГОНУУ (ПВО) — согуш аракеттеринин бир түрү; куралдуу күчтөр ж-а аскер түркүмдөрү; о. эле атайын аскер тобу аба чабуулуна каршы жүргүзүүчү согуш. ПВО өлкөнүн ири согуш ж-а саясий объектилерин, экон. борборлорун аба коркунучунан сактайт. Коргонуунун 1-куралдары: зениттик замбирек (1912), зениттик 76 *мм* замбирек, истребитель авиациясы (1915), зениттик прожектор (1916) ж. б. 1918-ж. Москва ж-а Ленинград ш-лары аба чабуулунан коргонуунун 1-объектилери болду. 1918-ж. майда Кызыл Армиянын карамагында 8 батарея, 50 истребитель-самолёт бар эле. 1930—39-жылда аба чабуулуна каршы 76,2 *мм*, 37 *мм*, 85 *мм* зениттик замбиректер, издөө станциясы (прожзвук-1), радиолокациялык станция «Редут» курулду. Улуу Ата Мек. согушта ПВО аскерлери душмандын 7313 самолётун ж. б. согуш техникаларын кыйратты. Азыркы учурда ПВО аскерлери космостук ж-а ракеталык чабуулдарга каршы согушууга адистештирилди, анын негизги күчтөрү зениттик ракета (ЗРВ) авиация, радио-техника (РПВ) бөлүкчөлөрүнөн турат.

АБА ЧЫПКАСЫ — абаны чаңдардан ж-а газдардын аралашмаларынан тазалоочу түзүлүш. Ал *имаратка*, *газ турбинасына*, *ичинен күймө кыймылдаткычка* берилүүчү абаны тазалоо үчүн колдонулат. А. ч-нын иштеши абадагы майда бөлүкчөлөрдүн тешиктүү катмарларга токтолуп, нымдалган беттерге жабышып калышына не-

гизделген. Абаны тазалоодо буллалуу, майлуу ж-а губка түрүндөгү материалдар колдонулат. Акыркы убактарда электрдик чыпкалар кеңири колдонулууда.

АБА ЫРАЙЫ — белгилүү бир убакта же аймакта байкала турган ж-а метеорол. элементтер, кубулуштар м-н мүнөздөлүп, дайыма өзгөрүп туруучу атмосф. абал. А. ы. атмосферадагы абанын темп-расы, нымдуулугу, басымдын өзгөрүшү, туман, жаан-чачын, шамал ж. б. метеорол. кубулуштардын жыйынтыгы м-н белгиленет. А. ы-нын өзгөрүшү күн энергиясы м-н жер бетинин өз ара тийгизген таасиринен пайда болуучу физ. процесстерге, атмосферанын циркуляциясына ж. б. факторлорго көз каранды. Жер-жерлердеги станциялардан ж-а космостук приборлордон белгилүү бир борборго келип түшкөн метеорол. элементтер б-ча синоптикалык карталар түзүлүп, А. ы. маалыматталып турат. А. ы. жер бетиндеги жаныбарлардын тиричилигине, адамдардын өмүрүнө тике таасир тийгизет. А. ч., авиация, транспорт ж. б. үчүн анын мааниси чоң.

Ад.: Тверской П. Н., Курс метеорологии, Л., 1962; Хромов С. П., Метеорология и климатология, Л., 1968; Хргиан А. Х., Физика атмосферы, Л., 1969.

АБА ЫРАЙЫ БОЮНЧА БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КЫЗМАТ — тез байланыштыруучу каналдар м-н туташтырылган дүйнөлүк үч ж-а жыйырмадан ашуун аймактык (улуттук) метеорол. борбордон туруучу система. Дүйнөлүк борборлору Москвада, Вашингтондо, Мельбурнда. Анын максаты — улуттук метеорол. кызматтын ишин жеңилдетүү ж-а жакшыртуу үчүн бүт жер шарындагы аба ырайы ж-дө маалыматтарды топтоо ж-а аларды аныктоону борборлоштуруу. Борборлордо материал топтоо ж-а аныктоо жумуштары автоматташтырылган түрдө жүргүзүлүп, жерг. метеорол. кызматтар үчүн даяр карталарды, күндөлүк ж-а боло турган аба ырайы, океандардын абалы ж-дөгү маалыматтарды таратып турат.

АБА ЫРАЙЫН МААЛЫМАТТОО БЮРОСУ — эл чарбасынын бардык тармактарына ж-а калкка аба ырайын маалыматтап туруучу мекеме. Учурдагы ж-а күтүлүүчү аба ырайын кабарлайт, анын чукул өзгөрүшүн (нөшөр, бороон-чапкын, үшүк жүрүү ж. б.) шашылыш билдирет. Ал бардык союздук респ-калардын борборунда, РСФСР м-н УССРдин кээ бир шаарларында бар.

АБА ЫРАЙЫН ПРОГНОЗДОО (гр. prognosis — алдын ала билүү) — атмосферадагы жүрүп жаткан процесстерге талдоо жасоонун негизинде аба ырайын күн мурунтан билүү. Абанын өзгөрүшүнө жараша кыска (1—2 күнгө) ж-а узак (3—10 күн, ай, сезон ж-а бир жылга) мөөнөткө прогноз жүргүзүлөт. А. ы. п. ар бир пункт, трасса (мис., авиация үчүн), аймак (СССРде край, область, республика) б-ча аныкталат. Абанын темп-расы, күндүн ачык же бүркөктүгү, жаан-чачын, шамал, бороон-чапкын, күн күркүрөө, үшүк ж. б. кубулуштар тууралуу маалыматтардын түрүнө карай жалпы ж-а кошумча өзгөрүштөрдү билдирүүчү атайы А. ы. п. болуп бөлүнөт (мис., авиация үчүн күндүн ачыктыгы, булуттун төмөнкү ж-а жогорку чектери, шамалдын багыты ж-а ылдамдыгы ж. б., а. ч. үчүн жаан-чачындын болушу, суктун түшүшү, үшүк же кургакчылыктын күтүлүшү ж. б., т. ж. транспорту үчүн кардын, нөшөр жаандын, борошонун болушу). Прогноздоо 3 түрлүү жол м-н: синоптикалык А. ы. п. — метеорол. станциялар м-н жердин жасалма спутниктеринен алынган маалыматтардын негизинде түзүлгөн синоптикалык картаны пайдалануу аркылуу, жергиликтүү белгилер б-ча А. ы. п. — байкоолор жүргүзүлгөн белгилүү бир пункттагы аба ырайынын өзгөрүшүнүн негизинде, статистикалык А. ы. п. — белгилүү бир жерлердеги аба ырайынын өзгөрүшү, табигый кубулуштар ж-а аба ырайынын өткөндөгүсү м-н алдыдагысынын аралыгындагы статистикалык байланышты пайдалануунун негизинде жүргүзүлөт.

АБАД (абат) — элдүү, көрктөлгөн, шаар кейпин алган жер; О. Азиядагы, Афганстандагы, Ирандагы калкка жыш жайлардын жалганма аты. Кырг-нда Жалал-Абад, Бек-Абад, Чек-Абад деген шаар, кыштактар бар.

АБАДА КАЛКУУ — абада жеңил аппараттар м-н учуу. Аэростатиканын закондорун пайдаланып, абага көтөрүлүүгө алгачкы аракет жасоо 18-к-га таандык. 1783-ж. Петербург ИАнын мүчөсү Л. *Эйлер* аэростаттардын көтөрүлүү күчүн эсептөө үчүн формула чыгарган. 19-к-дын 70-жылдарына чейин эркин ж-а байланма *аэростаттар* колдонулуп келген. *Аба винти* м-н башкарылуучу аэростаттын биринчи долбоорун франц. аскер инж. Ж. Менье сунуш кылган (1784). 1852-ж. 24-сентябрда франц. А. Жиффар буу кыймылдаткычтуу башкарылуучу аэростатта 11 *км/с* ылдамдык м-н учкан. 1875-ж. Д. И. *Менделеев* стратостат идеясын сунуш кылып, анын айрым бөлүктөрүнүн конструкциясын негиздеген. 1887-ж. 19-августта ал Клин ш-да аэростат м-н 3 *с* 35 *мин* учуп, 3350 *м* бийиктикке көтөрүлүп, күндүн тутулуусуна байкоо жүргүзгөн. Ушул жылы К. Э. Циолковский чылк металлдан жасалган каркассыз дирижаблдин долбоорун сунуш кылган. СССРде А.к. кеңири пайдаланылат. Учуунун узактыгы, көтөрүлүү бийиктиги ж-а алыстыгы б-ча сов. абада калкуучулар жакшы ийгиликтерге жетишти. Ата Мек. согуштун алдында дүйнөлүк 24 рекорддун 17си сов. учкучтарга таандык болгон. Согуш жылдарында ар түрдүү дирижаблдер кеңири колдонулду.

АБАДАГЫ ЫЛДАМДЫКТЫ КӨРСӨТКҮЧ — учуучу аппараттын аба чөйрөсүнө салыштырмалуу ылдамдыгын өлчөөчү авиациялык прибор. Самолёттун же вертолёттун абада жылгандагы ылдамдыгы — чыныгы ылдамдык, ал эми прибору көрсөткөн ылдамдык прибордук ылдамдык деп аталат. Азыркы самолёттордо прибордук ж-а чыныгы ылдамдыктарды көрсөтүүчү комплекстүү А. ы. к-тор пайдаланылат. Ал кабыл алгычтан, ченегичтен ж-а түтүкчөдөн турат. Кабыл алгычтан түтүкчөлөр аркылуу ченегичке берилген статикалык ж-а динамикалык басымдардын айырмасынын натыйжасында манометрдик кутуча кеңеет же кичирeет. Анын кыймылы механизмдер аркылуу ылдамдыкты көрсөтүүчү жебеге берилет.

АБАДАН — Ирандын түш.-батышындагы порт шаар. Шатт-эль-Араб д-нын боюнда, Перс булуңунан 50 *км* аралыкта. Калкы 280 миң (1971). Нефтини кайра иштетип чыгаруу з-ду бар. Нефть ж-а нефть продуктулары экспорттолуп турат.

АБА-ДЕСАНТ АСКЕРИ — душман тылында согушууга даярдалган аскер түрү. А.-д. а. өлкөнүн куралдуу күчтөрүнүн катарына кирип, парашют-десанттык, танкалык, артилл., өзү жүрүүчү артилл. ж. б. аскер бирикмелеринен, бөлүктөрүнөн, бөлүкчөлөрүнөн ж-а инженердик, байланыштык өңдүү атайын аскердик бөлүктөрдөн түзүлөт. А.-д. а-ге парашют м-н самолёттон секирүүнүн ж-а согушуунун атайын тактикасы үйрөтүлөт. А.-д. а-дин душмандын тереӊ тылындагы эң орчундуу р-ндорду ээлөөгө ж-а кармап турууга, анын мамл. ж-а согуштук башкаруусун кыйратууга, ядролук чабуул коюучу каражаттарын, базаларды ж. б. маанилүү объектилерди жок кылууга мүмкүнчүлүгү бар. Алар өз милдеттерин куралдуу күчтөрдүн башка түрлөрүнүн бирикмелери, бөлүктөрү м-н биргелешип аткарат. А.-д. а-ди душмандын тылына түшүрүү үчүн аскердик-трансп. авиация колдонулат. Кийинки согуштардын тажрыйбасы А. д. а-дин мааниси зор экендигин ачык далилдеди.

АБАЕВ Шаршеналы (1896—1972) — Кырг-ндагы сов. ишмер. Нарын уездиндеги Үкөк айылында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. 1919-жылдан КПССтин мүчөсү. 1908-жылдан 1917-жылга чейин батрак болгон. 1918-жылдан кыргыз айыл-кыштактарында Совет бийлигин чыңдоого активдүү катышкан. 1918-ж. майда Үчүке волаткомунун председатели болуп шайланган. 1930-жылга чейин сов. админ. кызматта иштеген, 1931-жылдын январынан 1934-жылга чейин Кырг. АССР БАКтын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. Андан кийин республиканын бир катар р-ндорунда сов. ж-а чарбалык кызматтарда иштеди. 1960-ж. персоналдык пенсияга чыккан.

АБАЗИН ТИЛИ — абазиндердин тили. Кавказ (иберий-кавказ) тилдеринин түн.-бат. (абхаз-адыгей) тобуна кирет. Бул тилде 25 миңге жакын адам сүйлөйт. А. т. тапант ж-а ашхар диалектисине бөлүнөт. Жазмасы 1932-ж. латын, 1938-ж. орус графикасынын негизинде иштелип чыккан.

АБАЗИНДЕР (өзүлөрүн абаза деп аташат) — Карачай-Черкес АОсунда жашаган эл; айрым топтору Адыгей АОсунда ж-а Кисловодскинин аймагында кездешет. Элинин саны 25 миң (1970) киши. А-дин ата-бабалары Кара деңиздин чыгыш боюнда жашашкан. Азыркы жашаган аймагында 14-к-дан бери белгилүү. Этногр. жактан тапанта ж-а шкарауа деп эки топко бөлүнөт.

АБАЙ (Ибрагим) Кунанбаев (10.8. 1845, Чыңгыш Тоо, азыркы Караул кыш., Абай р-ну, Семипалатинск обл.,—6. 7. 1904) — казактын улуу акыны ж-а ойчулу, казак жазма адабиятына негиз салган классик, обончу. Атасы Кунанбай түпкүлүктүү бий тукумунан чыгып, өзү да бир сапар дубанга аким (ага султан) болуп шайланган. Ал айылдык молдого окуткан балдарынын ичинен А. сергек чыкканын көрүп, аны Семей ш-дагы медиресеге жиберет. А. медиреседе 4 жылдай таалим алып, иран, араб, түрк тилиндеги адабияттардын классиктери жараткан чыг-лар м-н таанышат, аларга таасирленип өзү да ырлар жаза баштайт. Анын алгачкы ырларында казак оозеки поэзиясынын ж-а Күн чыгыш акындарынын салттары айкын байкалат. А. медиреседен кетерге жакын үч айдай орусча окуп, орус тилинде бир аз сүйлөп, китеп окуганга жарап калат. Бирок А. окуусун андан ары улай алган жок, анткени аны атасы Кунанбай айылга чакырып алып, эл башкаруу иштерине аралаштырат. Коомдук-саясий иштерге аралашуу А-дын социалдык тажрыйбасын арттырат. А. орус тилин дагы тереӊ үйрөнүп, өз алдынча көп окуп, билимин көтөрө берет. Анын эстет. табитинин, коомдук-саясий ж-а филос. көз караштарынын калыптанышына орус адабиятынын классиктери А. С. Пушкин, И. А. Крылов, М. Ю. Лермонтов, Л. Н. Толстой, М. Е. Салтыков-Щедрин, В. Г. Белинскийлердин чыг-лары, байыркы грек философтору Аристотель м-н Сократтын, Күн чыгыштын окумуштуулары Ибн-Сина, Беруни ж. б-лардын эмгектери зор таасир тийгизген. А. Семей аймагына алдыңкы саясий көз караштары үчүн сүргүнгө келген орус окумуштуулары Н. И. Долгополов ж-а Е. П. Михаэлис м-н таанышып, алардан аздыр-көптүр саясий таалим алган. Анын адабий мурасы бай ж-а негизинен үч бөлүктөн турат: өзү чыгарган төл поэтикалык чыгармалары; башка тилдерден, көбүнчө орусчадан которгондору; кара сөз м-н жазылган санаттары. Ал өз ырларында ошо кездеги актуалдуу коомдук-саясий маселелерди, өмүр, заман, махаббат тууралуу «түбөлүктүү» темаларды козгойт; казак коомундагы курч социалдык карама-каршылыктарды көрсөтүп, эски уруучулук салттарга, наадандыкка, теңсиздикке каршы чыгат; өз элинин бардык жагынан артта калганына кейип-кепчип, мекендештерин илим-билимге, орус маданиятын үйрөнүүгө чакырат. Кара сөз м-н жазылган санаттарында («Гаклиясы») негизинен ырларындагы идеяларын улантат. А. казак ырынын туюнтуу мүмкүнчүлүктөрүн алда канча кеңейтип, идеялык-эстет. деңгээлин бийиктетип, формасын жаңылаган; казак поэзиясын 17 түрдүү жаңы ыр өлчөмү м-н байыткан. Ал И. А. Крыловдун тамсилдерин, А. С. Пушкиндин ырларын ж-а «Евгений Онегин» романынын айрым главаларын, М. Ю. Лермонтовдун бир катар поэтикалык чыгармаларын казакчалаткан. А-дын филос. ж-а коомдук-саясий көз караштары өз заманы үчүн өтө прогрессчил болгон. Анын филос. түшүнүктөрүндө илимий-агартуучулук, материалисттик ой-пикирлер диний-идеалисттик көз караштар м-н айкалышып кетет. Дүйнөнү түшүндүрүүдө ал деисттик көз караштуу тутунган. А. таланттуу музыкант, чебер обончу да болгон. Ал кээ бир ырларын обону м-н кошо чыгарган. Биздин заманга анын кыркка жакын обону жетти. Ал обондор казак композиторлорунун опералык ж-а симф. поэмаларында кеңири пайдаланылды. А-дын чыгармалары көзү тирүүсүндө басылып чыккан эмес. Анын ырлары 1-жолу 1909-ж. Петербургда арабча тамга м-н басылган, «Гаклиясы» 1918-ж. «Абай» журналында жарыяланган. А-дын адабий мурасы сов. доордо гана толук жыйналып, казак ж-а боордош элдердин тилдеринде көп ирет жарык көрдү, чет тилдерге которулду. Анын ысмын жер шарына таратууда М. Ауэзовдун «Абай жолу» романы айрыкча роль ойноду. Кыргыз окурмандары А-дын адабий мурасын боордош казак тилинде да, өз тилинде да окуп жатышат. Кыргыз совет адабиятынын алгачкы өнүгүш мезгилинде А. кыргыз акындарына байкаларлык таасир тийгизген.

Чыг.: Менин элим. Ырлар, которгон А. Токомбаев, Фр., 1970; Шыгармаларының бир томдық толық жинағы, А., 1961. *Ад.:* Ауэзов М. О., Абай Кунанбаев, А., 1967; Каратаев М., Великий национальный поэт, в кн.: Казахская литература, М., 1960; Токомбаев А., Казак элинин улуу баласы (Абай Кунанбаевдин дүйнөдөн кайтканына 50 жыл толушуна карата), «Кызыл Кыргызстан», 1954, 5-сентябрь.

АБАКАН — Енисейдин сол куймасы. РСФСРдин Краснояр крайындагы дарыя. Алтай м-н Бат. Саян тоолорунан башталат. Уз. 514 *км*, алабынын аянты 32 миң $км^2$. Ноябрдын 2-жарымында тоңуп, апрелдин аягында ачылат. Жылдык орточо чыгымы 400 $м^3/сек$. Карагай агызуу ж-а сугат ишине пайдаланылат. Жээгинде *Абакан* ш-ы жайгашкан.



Абай.



М. Абакиров.

АБАКАН (1931-жылга чейин Усть-Абакан с.) — РСФСРдин Краснояр крайындагы Хакас АОнун борбор шаары. Абакан д-нын Енисейге куйган жеринде. Жол катнашы Ачинск — Новокузнецк — Тайшет т. ж. аркылуу жүрөт. Калкы 90 миң (1970). Жеңил ө. ж. токой ж-а а. ч. сырьёлорун иштеп чыгаруучу ишканалар, эт, ун комбинаттары, вино, сүт з-ддору ж-а кездеме тигүү ф-калары иштейт. А-да Хакас тарых, тил ж-а адабият ил. из. ин-ту, пед ин-ту, а. ч. политехникуму, мед., пед., ж-а муз. окуу жайлары, драма театры, край таануу музейи ж-а теле борбору бар. Хакас тилинде «Ленин чолы» ж-а «Советская Хакасия» обл. газеталары чыгат.

АБАКАН КЫРКА ТООСУ — Бат. Сибирдин түш.-чыгышындагы кырка тоо, Абакан, Томь, Лебедь д-ларынын алаптарынан орун алган. Уз. 300 *км*, бийикт. 1400—1700 *м* (эң бийик жери 1984 *м*). Гранит, габбро ж. б. интрузиялары м-н ширелген метаморфизмделген тоо тектерден турат. 1700 *м* ге чейин ийне жалбырактуу токой, андан жогору тундра өсүмдүктөрү өсөт.

АБАКИРОВ Мамут (1912-ж. т.) — Кырг. ССРинин а. ч. өндүрүшүнүн ишмери. Соц. Эмг. Баатыры (1948), 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу, Ош обл-нын Совет р-нуна караштуу «Ленинчил жаш» к-зунун мүчөсү (1931), талаа бригадасынын бригадири, жылкы фермасынын башчысы (1945). Ал башкарган ферма 1947-ж. 90 бээден 90 кулун алып, аман асыраган. А. Ленин ордени, Кызыл Жылдыз, 2-даражадагы Ата Мек. Согуш ордендери м-н сыйланган.

АБАКИРОВ Сабыр (1920-ж. т.) — Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын ст. чабаны (1934). Кыргыз ССР Мамл. сыйл. лауреаты (1974). 1948-жылдан КПССтин мүчөсү. Койдун жаңы тянь-шань породасын чыгарууга катышкан. 1966-жылдан чарбанын бөлүм башкаруучусу. Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБАЛАК — ордо оюнунда чүкө аткыч. Ал тоо текенин, аркар-кулжанын мүйүзүнөн жалпак, төрт бурчтук түрүндө жасалат. Уз. 8—10 *см*, туурасы 6—8 *см*, калыңд. 2,5 *см*. А. ордодо чү-



Г. Г. Абашидзе.



И. В. Абашидзе.

көнү, ханды атуу ж-а чертүү үчүн колдонулат.

АБАЛАКОВДОР — Виталий Михайлович (1906) ж-а Евгений Михайлович (1907—1948), агалы-инии сов. альпинисттер; Кавказ, Тянь-Шань, Памир, Алтай тоолорунун бийик чокуларына далай ирет чыгышкан. Виталий Михайлович А.— инженер-конструктор, спортсмендердин машыккапын так аныктай турган 100 чамалуу приборлдун автору. Альпинизмдин эмг. сиңирген мастери (1934), спорттун мастери (1943), СССРдин эмг. сиңирген тренери (1961). В. М. баштаган сов. альпинисттер Ленин чокусуна (7134 *м*, Памир, 1934) биринчи мертебе чыгышкан, жеке өзү ал чокуга үч жолу чыгып барган. Өлкөнүн 12 жолу чемпиону болгон, Москвадагы «Спартак» ыктыярдуу спорт коомунун альпинизм б-ча курама командасына жетекчилик кылган. Евгений Михайлович А.— скульптор, Коммунизм чокусуна (7495 *м*, Памир, 1933) биринчи бут койгон. Альпинизмдин эмг. сиңирген мастери (1934). Памирдеги бир бийик чокуга Е. М. Абалаковдун ысмы берилген.

АБАЛДЫН ДИАГРАММАСЫ, т е ң с а л м а к т у у л у к   д и а г р а м м а с ы, ф а з а л ы к д и а г р а м м а — заттын абалынын параметрлери (темп-расы, басымы ж. б.) м-н анын составынын өз ара катышынын график түрүндө көрсөтүлүшү. Зат бир компоненттен турса, анда А. д. тик бурчтуу координаталык үч окко (темп-ра, басым ж-а көлөм) өлчөнүп коюлган үч өлчөмдүү фигура болот. Жөнөкөй мисал катарында CO_2 көмүртектин кош кычкылынын абалынын диаграммасы көрсөтүлгөн. Мында *О* чекити CO_2нин үч: катуу, суюк ж-а газ абалына туура келет. Бул чекитте кесилишкен *ОА* ийри сызыгы — анын катуу ж-а газ, *ОК* суюк ж-а газ, *ОВ* катуу ж-а суюк абалындагы тең салмактуулуктары. А. д. өндүрүштүн талабына толук туура келген эритмелерди тандап алууга мүмкүндүк түзүп, металлургияда, химия өндүрүшүндө кеңири колдонулат.

АБАНЫ КОНДИЦИЯЛОО — жабык же туюк жайлардагы абанын темп-расын, нымдуулугун ж-а тазалыгын автоматтык түрдө керектүү деңгээлде кармап туруу. Бул үчүн аба ысык болгондо, ал муздатылат (к. *Аба муздаткыч*), муздак болгондо жылытылат (к. *Аба жылыткыч*) ж-а бардык мезгилде аба тазаланып турат (к. *Аба чыпкасы*). Абанын нымдуулугу ж-а басымы атайын приборлор м-н жөнгө салынып, керектөөчүлөргө бардык параметрлери талапка туура келтирилген аба берилет. А. к. коомдук имараттарда, турак үйлөрдө, о. ж. ишканаларында адам иштөөгө зарыл шарт түзүү үчүн колдонулат. Анын системасы борбордук ж-а жергиликтүү болуп, ага абаны даярдоо, жүргүзүү, бөлүштүрүү, параметрлерин автоматтык жол м-н жөнгө салуу ж-а башкаруу иштери кирет. Борб. системадагы аба даярдоочу агрегат — кондиционер бир нече жайды тейлесе, жерг. системадагы кондиционер бир гана бөлмөнү тейлейт.

АБАНЫН НЫМДУУЛУГУ — абадагы суу буусунун өлчөмү; аба ырайынын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөчү эң негизги көрсөткүчтөрдүн бири. Суунун абадагы негизги массасы буу түрүндө атмосферанын төмөнкү катмарында (6 *км* ге чейин) кездешет. А. н-нун атмосферадагы өлчөмү туруксуз, анткени ал жыл мезгилдеринин темп-расына ж-а кеңдиктерге көз каранды. Экватордо аба өтө нымдуу, уюлдарга жакындаганда азаят. Орто эсеп м-н абанын абс. нымдуулугу жайында 10,46 *мм*, кышында 4,69 *мм* ге барабар. Жер бетинен бийиктеген сайын азая бергендиктен, А. н. *стратосферада* жокко эсе. Атмосферадагы булут түрүндөгү суу буусу жер бетин муздап кетүүдөн сактайт, жаан түрүндө жерге түшүп сууларды пайда кылат. А. н. чөйрөнүн темп-расын, абанын кыймылына карата организмдеги жылуулук алмашууну жөнгө салат. Абанын салыштырма нымдуулугу 40—60% болсо, адам үчүн жагымдуу (нормалдуу) деп эсептелет. А. н. *гигрометр*, психрометр м-н ченелет. А. н. организмдин айлана-чөйрө м-н жылуулук алмашуусуна орчундуу таасир тийгизгендиктен, адамдын тиричилиги үчүн чоң мааниси бар. Мис., темп-ра аз, А. н. жогору болгондо, жылуулуктун бөлүнүшү күчөп, адамдын денеси өтө муздап кетет. Адамга тескери таасир тийгизүүчү А. н-н жок кылуу үчүн, абаны желдетүү (вентиляциялоо), кондициялоо сыяктуу методдор колдонулат. Ошондой эле А. н. кээ бир технол. процесстерде, айрым ооруларды дарылоодо, китептерди, иск-во чыгармаларын сактоодо чоң мааниге ээ.

АБА-РЕАКТИВДҮҮ КЫЙМЫЛДАТКЫЧ — отуну атмосф. абадагы кычкылтек м-н тутануучу авиациялык реактивдүү кыймылдаткыч. А.-р. к-тын тартуу күчү реактивдүү соплодон агып чыгуучу газдын ылдамдыгынын өсүшүнүн натыйжасында пайда болот. Соплодон агып чыккан газдын ылдамдыгын арттыруу үчүн кыймылдаткычтын күйүү камерасына кирген аба кысылат да, ал кысылган аба жогорку ылдамдык м-н тез чыгат. Кысуунун ыкмаларына жараша А.-р. к. компрессордуу ж-а компрессорсуз болуп бөлүнөт. Компрессорсуз кыймылдаткычтарга түз агымдуу ж-а пульсациялуу А.-р. к. кирет. К о м п р е с с о р д у у А.-р. к. мотореактивдүү ж-а турбореактивдүү болуп айырмаланат. Биринчисинде аба кысуучу компрессор кадимки поршендүү кыймылдаткычтар м-н, экинчисинде газ турбинасы м-н айландырылат.



1-сүрөт. Авиациялык турбовинттүү кыймылдаткычтын принциптүү схемасы: *1* — аба кирүүчү түзүлүш; *2* — компрессор; *3* — күйүү камерасы; *4* — турбина; *5* — реактивдүү сопло; *6* — аба винти.



2-сүрөт. Авиациялык турбореактивдүү кыймылдаткычтын принциптүү схемасы: *1* — аба кирүүчү түзүлүш; *2* — компрессор; *3* — күйүү камерасы; *4* — кыймылдаткычтын корпусу; *5* — сопло аппараты; *6* — турбина; *7* — реактивдүү сопло.

АБАШЕВО МАДАНИЯТЫ — азыркы Воронеж обл-нын, Мари, Чуваш ж-а Башкырт АССРлеринин аймагындагы б. з. ч. 2 миңинчи жылдардын 2-жарымына тиешелүү археол. маданият. А. мад-тынын дөбөчөлөрүн алгачкы жолу В. Ф. Смолин изилдеген. Ал 1925-ж. Чувашиядагы Абашево с-сунун жанындагы дөбөчөлөрдү казып көргөн. Көрүстөндөрдөн таштан, жезден, үй жаныбарларынын ж-а жапайы айбанаттардын сөөгүнөн жасалган эмгек куралдары ж. б. чыккан. Бул Урал бойлорунан гана табылды.

АБАШИДЗЕ Григол Григорьевич (1914-ж. т.) — грузин совет акыны. 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1967-жылдан Грузия жазуучулар Союзунун Башкармасынын 1-секретары. Тбилиси унтин (1936) бүтүргөн. Алгачкы ырлар жыйнагы 1938-ж. жарык көргөн. А-нин поэзиясынын каарманы — коммунизмди куруп жаткан эмгекчил совет адамдары («Негиздөөчү», 1939). Акындык чеберчилиги Ата Мек. согуш жылдарында («Душмандар», 1941; «Туулар», 1943, ырлар жыйнактары; «Жеңилбес Кавказ» поэмасы, 1943) өсөт. Сов. патриотизмдин күчүн көрсөткөн «Түштүк чек арада» (1949), «Ленин Самгоридө» (1950) аттуу ыр циклдери үчүн А-ге СССР Мамл. сыйлыгы берилген (1951). «Георгий алтынчы» (1942) поэмасында грузин элинин улуттук көз каранды эместиги үчүн күрөшүн чагылдырган. А.—«Лашарела» (1957) аттуу тарыхый романдын автору. Чыг-лары СССР элдеринин тилдерине, чет тилдерге которулган. СССР Жог. Советинин 9-шайл. депутаты.

Чыг.: Стихотворения и поэмы, М., 1961.
Ад.: А п х а н д з е Ш., Григол Абашидзе, Тб., 1958.

АБАШИДЗЕ Ираклий Виссарионович [10 (23). 11. 1909-ж. т.] — советтик грузин акыны, ГССР ИАнын академиги (1960). 1939-жылдан КПССтин мүчөсү. 1953—67-ж. Грузия жазуучулар союзунун башкармасынын председатели. 1967-жылдан Грузин Совет Энциклопедиясынын Башкы редактору. 1928-жылдан ырлары жарыялана баштайт. А-нин ырларында жаңы турмушту пропагандалоо, соц. курулуш үчүн болгон күрөштү күчөтүү, мекенди сүйүү идеялары айтылган («Ырлар», 1932; «Жаңы ырлар», 1938). А-нин поэзиясындагы башкы тема — эркин адамдын баатырдык иштери. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде фронттогу жоокерлерди, тылдагы эмгекчилерди эрдикке үндөгөн ырлары окурмандарга кеңири белгилүү. Согуштан кийинки ырлары совет элинин эмгегине, тынчтык ж-а демократия үчүн күрөшүнө арналды, партия м-н элдин биримдигин даңазалады («Партияга арналган гимн» ж. б.). «Руставели жүргөн жерлер менен», «Палестина, Палестина!» деген ырлар циклинде грузин элинин улуу акыны Руставелинин өмүр жолун ж-а рухий дүйнөсүн ачкан (1966-ж. Руставели атн. сыйлык ыйгарылган). А. дүйнөлүк ж-а СССР элдеринин акындарынын чыгармаларын грузин тилине которгон. СССР Жог. Советинин 4—7-шайл. депутаты, 2 жолу Ленин ордени, башка 3 орден м-н сыйланган.

Чыг.: По следам Руставели, М., 1966; Приближение, М., 1969.

АББАС I (1571—1629) — Ирандын шахы (1587-жылдан), Сефевилер династиясынан, ири кол башчы. Жеңип алган жерлерин талап-тоноо, аларда жашаган грузин-армяндарды ж. б. элдерди жер которуштуртуп, Ирандын ички р-ндорунун экономикасын чыңдаган. Эл көтөрүлүштөрүн ырайымсыз басып турган. Ички-тышкы сооданын өнүктүрүлүшүн жактаган. Ирандын Закавказьедеги, Хорасандагы үстөмдүгүн калыбына келтирген, башка жерлерди каратып алган. А. Iнин тушунда Иран мамл-и саясий жактан аябай күч алган.

АББАСИЛЕР (750—1258) — Мухаммеддин агасы Аббастан таралган араб халифтеринин династиясы. Биринчи халиф—Абу-ль-Аббас ас-Саффах (750—754). А. халифаты аль-Мансурдун (754—775), аль-Махдинин (775—785), Харун ар-Рашиддин (786—809), аль-Мамундун (813—833) тушунда өзгөчө күчөп турган. Феод. эзүүнүн оорлошунан бир нече көтөрүлүш чыккан (8-к-дын 70—80-жылдарындагы Муканнанын, 9-к-дын башындагы Бабектин көтөрүлүшү ж. б.). 8-к-дын аягында А. халифатынан айрым аймактар бөлүнөт (мис., Марокко, 788), 9-к-да А. халифаты кыйрап, Ирандын, О. Азиянын, Закавказьенин, Египеттин терр-ясында жерг. династиялар (Тахирилер, Саффарилер, Тулунилер, Вагратилер ж. б.) башкарган өз алдынча мамлекеттер түзүлө баштайт. Аббасилердин акыркы халифи — аль-Мустасим (1242—58).

АББАТЧЫЛЫК — католиктердин монастыры. Аны епископко, кээде түздөн-түз рим папасына баш ийген аббат же аббатиса (аялдар монастырында) башкарат. Бат. Европада өтө ири, бай монастырлар о. кылымдын коомдук-саясий ж-а экон. турмушунда белгилүү роль ойногон. Реформациянын, бөтөнчө бурж. рев-ялардын убагында А. баштапкы ролун жоготуп, реакциячыл католик идеологиясын пропагандалоочу борборго айланган.

АБД АЛЬ-КАДИР (6. 9. 1808—26. 5. 1883) — Алжирдин улуттук баатыры, кол башчы, илимпоз, чечен ж-а акын. Барктуу феодал тукумунан чыккан. 1832—47-ж. Алжирдеги француз баскынчылыгына каршы көтөрүлүштүн башында турган (к. *Абд аль-Кадир көтөрүлүшү*). 1832-ж. көтөрүлүшкө чыккан уруулар А-ди Батыш Алжирдин башкаруучусу деп жарыялашат, ал эмир титулун алат. А. Алжирде калк мектептери ачылышына көмөк көрсөткөн. 1847—1852-ж. Францияда туткунда жүргөн. 1853—1854-ж. Бурсада, 1855-жылдан Дамаскиде жашайт. 1860-ж. Дамаскиде француз колониячылдары мусулмандар (друздар) м-н христиандарды (марониттер) кагыштырып, ошонун айынан христиандар кырылганда, А. касташкандарды жараштырууга аракет кылган.

АБД АЛЬ-КАДИР КӨТӨРҮЛҮШҮ — француз баскынчыларына каршы Алжирдеги элдик көтөрүлүш (1832—47). Ага *Абд аль-Кадир* башчылык кылган. Оран провинциясындагы араб-бербер уруулары көтөрүлүштүн жүрүшүндө французздарды бир нече ирет жеңип, тынчтык договоруна кол коюуга мажбур кылган (1834, 1837). Батыш Алжирдин чоң аймагын көтөрүлүшчүлөр өзүнчө эмиратка айландырып, аны Абд аль-Кадир башкарып турган. Абд аль-Кадирдин бийлигин француздар тааныган. Эмираттын уруулар ополчениеси, регулярдуу армиясы, курал-жарак чыгарчу устаканасы болгон. Бирок 1838-ж. октябрда француздар ири феодалдардын чыккынчылыгынан пайдаланып, тынчтык договорун бузган да, эмираттын аймагын басып алган. Абд аль-Кадир Мароккого качкан. Ал 1845-ж. өз жергесине кайра келип, дагы көтөрүлүш чыгарган. Көтөрүлүш 1847-ж. басылып, Абд аль-Кадир туткунга алынган.



Абд аль-Кадир.



Абд аль-Керим.

АБД АЛЬ-КЕРИМ (1881 же 1882—7. 2. 1963, Каир) — рифтик тайпалардын (Марокко) көтөрүлүшүнүн жол башчысы. 1910—15-ж. Мелильеде мугалим, андан судья болгон. 1915-ж. өз урууулаштарын улуттук-боштондук күрөшкө үндөгөнү үчүн, Испания колониялык бийлиги аны түрмөгө камап, 1916-ж. бошоткон. 1919-ж. тоого качып кеткен. 1921—26-ж. рифтиктердин адегенде испан, 1925-жылдан француз колонизаторлоруна каршы боштондукка чыгаруучу күрөшүнүн башында болгон. 1921—26-ж. Риф Респ-касынын президенти (эмири). 1926-ж. француздардын колуна түшүп, Реюньон а-на сүргүнгө айдалат. 1947-ж. май айында саясий иш жүргүзүүдөн баш тартуу шарты м-н Францияда жашоого уруксат алган. Порт-Саидде пароходдон качып чыгып, Каирге туруп калат, анда Араб Магрибинин Боштондукка чыгаруучу комитетинин башында болгон (1948—56).

АБД АР-РАЗЗАК Самаркандий (1413—1482) — орто азиялык тарыхчы. Туулган, өлгөн жери — Герат ш. Өмүрүнүн көбүн Самаркандда өткөрөт. Тимурилердин элчиси катары Индияда (1441—44), Гилянда (1446) болот, 1463-жылдан Гератта шейх. А. 1467—71-ж. «Эки бактылуу жылдыз чыккан жер жана эки деңиз кошулган жер» аттуу тарыхый хроника жазган. Мында монголдордун, Тимурдун ж-а Тимурилердин 1304—1471-жылга чейинки тарыхы баяндалат.

АБДРАЕВ Мукаш (5. 5. 1920-ж. т., Сокулук р-ну, Чоң-Жар кыш.) — кыргыз совет композитору, профессор, Кырг. ССР иск-восуна эмг. сиң. ишмер, коомдук ишмер, Кырг. ССР эл артисти (1974). 1970-жылдан КПССтин мүчөсү. А. кыргыз муз. драма театрындагы студиянын скрипка классында (1933), Москвадагы Ипполитов-Иванов атн. муз. окуу жайында (1935—40) окуган. 1940-ж. Чайковский атн. консерваториянын улуттук студиясына кирген. Композиция б-ча Г. Литинский м-н В. Фереден таалим алган. Проф. С. Н. Василенконун классында Москва консерваториясынын теориялык-композитордук бөлүмүн бүтүрөт (1950). А. 1960-жылдан Кыргызстан композиторлор Союзунун Башкармасынын мүчөсү, 1963—67-ж. ошол союздун председателинин орун басары, 1967-жылдан бери председатели. Кыз-келиндер педин-тунун доценти (1962),


М. Абдраев.


А. Абдраимов.


К. Абдраимов


Куд. Абдраимов.


М. Абдраимов.


Т. К. Абдрахимов.

кафедра башчысы (1962—67), Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. иск-во институтунун композиция кафедрасынын башчысы (1975), профессору (1973). А-дын чыгармачылык иши 1940-ж. башталат. Ал үйрөнчүк музыканттан профессионал композиторлукка чейинки муз. өнөрдүн татаал жолун басып өтүп, элге кеңири маалим ондогон түрдүү жанрдагы чыгармаларды жаратты. А. өзүнүн талантын бардык муз. жанрларда көрсөтө алды. Ал кыргыз музыкасында хор жанрын өнүктүрүүгө көп көңүл бурду. Хорлору көбүнчө партия, мекен, эмгек, достук, жаштык темаларына арналган. Мис., «Кыргызстан жөнүндө ыр», «Компартия», «Ленин—Октябрь», «Кыргызстан жаштары» ж. б. Ал эки жүзгө жакын лирикалык обон («Азгырба, мени алдаба», «Студенткага» ж. б.) чыгарган. А. кыргыз совет музыкасында романс жанрынын өсүшүнө да өзүнүн салымын кошту. Анын «Жалыныңа күйгөмүн», «Сүйгөнүм» сыяктуу романстары кыргыз совет ырларынын мыкты үлгүлөрүнөн болуп калды. Композитор балдар үчүн да ыр-обондор чыгарган («Ата Ленин», «Сен пионер», «Бешик ыры», «Ой балапан», «Тынчтыкты мен да сүйөмүн» ж. б.). А-дин чыгармачылыгында кантата, оратория, вокалдык-симф. поэмалар ж-а симф. музыка негизги орун ээлейт. Анын «Жаш жүректөр» (1953), «Токтогул» (1956), «Олжобай менен Кишимжан» (1963) опералары кыргыз опера өнөрүнүн кенчине кирди. Ал А. Малдыбаев, А. Түлеев, А. Аманбаев м-н бирге «Ким канттн?» комедиясына (1943), А. Түлеев м-н бирге «Жапалак Жатпасов» (1944), «Курманбек» (1944) драмаларына музыка жазган. Ондогон аспаптык пьесалары, күүлөрү да бар. А.— «Токтогул композитор» (Б. Алагушев м-н бирге), «Октябрдын нуру менен» аттуу монографиялык эмгектердин, 5—6, 7—8-класстар үчүн «Ырдоо» окуу китебинин автору. Композитордун «Ырлар» (1958), «Менин мекеним» (1968), «Тандалган ырлар» (1970) аттуу обондуу ыр жыйнактары жарык көрдү. А. Кырг. ССР Мамл. Токтогул атн. сыйл. лауреаты (1974), Кырг. ССР Жог. Советинин 7—8-шайл. депутаты. Эмгек Кызыл Туу ж-а «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

Ад.: Кыргыз композиторлору, Фр., 1964; Алагушов Б., Каплан А., Көрүнүктүү композитор, «Ала-Тоо», 1970, № 5.

АБДРАИМОВ Апсамат (1931-ж. т.)— Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Киров атн. к-здун бригадири (1961), Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1947-ж. пахтачылык звеносуна башчы болуп дайындалган. 1961-жылдан бери пахта өстүрүүчү комплекстүү механикалаштырылган бригаданы башкарат. 1964-ж. А. жетекчилик кылган бригада 110 *га* аянттын ар гектарынан 34,5 *ц* ден, 1965-ж. о. эле аянттан 33,1 *ц* ден пахта алган. А. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДРАИМОВ Көчкөмбай (1914-ж. т.) — Ош обл-нын Сузак р-нундагы «Алмалуу-Булак» к-зунун жылкы фермасынын башчысы (1945). Соц. Эмг. Баатыры (1948). Ал эмгек жолун 1931-ж. катардагы колхозчудан баштаган. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1946-ж. ал башкарган ферма 40 бээден 40 кулун, 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман сактаган. Ал Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДРАИМОВ Кудайкул (1917-ж. т.)— Кыргызстандын а. ч. өндүрүшүнүн ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Ош обл-нын Ленин р-нундагы Энгельс атн. к-здун председатели (1951). А. башкарган колхоз 1958-ж. ар 100 тубар койдон 117 козу алып, жүн сатууну 136% орундаткан. Ал Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган. Кырг. ССР Жогорку Советинин 5—6—7-шайл. депутаты.

АБДРАИМОВ Матай (1888-ж. т.)— Ош обл-нын Ленин р-нундагы «Сакалды» к-зунун мүчөсү, Соц. Эмг. Баатыры (1948). А. 1929-ж. колхозго кирип, узак мезгилге чейин пахтачылык звеносуна башчылык кылган. Ал башкарган звено 1947-ж. 3 *га* аянттын ар гектарынан 97,3 *ц* ден түшүм алган. А. 2 Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар, Кырг. ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы м-н сыйланган.

АБДРАХИМОВ Талгат Кадырович (1915—1967) — сов. геолог, Мамл. сыйлыктын лауреаты (1953). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Казан мамл. ун-тинин геол. ф-тетин бүтүргөн (1939). Кырг. ССР геол. башкармасында, Каменский геол. экспедициясында (1946), Каз. ССР геол. мин-восунда (1965) геол. чалгындоо партияларына начальник болуп иштеген. Кырг-ндагы сейрек кездешүүчү металл кендеринин бирин ачкандардан. Ленин ордени ж-а бир нече медаль м-н сыйланган.

АБДРАХМАНОВ Юсуп [1904, Жети-Суу обл., Каракол уезди, Күңгөй-Ак-Суу болушу (азыркы Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну), Чиркей кыштоосу— 1937, Фрунзе] — Кырг-ндагы сов. ишмер. 1919—33-ж. КПССтин катарында турган. Атасы рев-яга чейин бий ж-а болуш болгон. А. 1911—16-ж. орус-тузем мектебинде, Каракол ш-ндагы башталгыч окуу жайында окуган. 1920—27-ж. Каракол (Пржевальск), Пишпек (Фрунзе), Алматы, Ташкен шаарларындагы партиялык аппараттардын жооптуу кызматтарында иштеген. 1927-жылдын мартынан 1933-жылдын сентябрына чейин Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин председатели болгон. Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү, бир нече жолу СССР БАКтын Президиумунун мүчөлүгүнө кандидат, Бүткүл союздук БАКтын, Кыргыз обкомунун ж-а Кыргыз АССР БАКтын мүчөсү болуп шайланган.

А. сов. ж-а парт. жооптуу кызматтарда иштеп турганда, өзүнүн саясий, идеологиялык ж-а практикалык иштеринде улутчулдук мүнөздөгү олуттуу жаңылыштыктар кетирген. Партиянын линиясын бурмалагандыгы үчүн А. 1933-ж. сентябрда Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин председателдигинен бошотулуп, ошол эле жылы октябрда партиянын катарынан чыгарылган.

АБДУВАЛИЕВ Муса (1929 ж. т.)— Ош обл-нын Кызыл-Кыя ш-дагы «Жин-Жиган» шахтасынын механикалаштырылган забоюнун өткөөлчүлөр бригадасынын бригадири, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1949-жылдан «Кыргыз уголь» комбинатында иштеген. Ал жети жылдык планын 113,7% орундаткан. А-гө «Ардактуу шахтёр» деген наам берилген. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДУКАДЫРОВ Абдурашид (1919-ж. т.)— Ош обл-нын Сузак р-нундагы «Москва» к-зунун председатели (1959), Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. А. башкарган колхоздун акчалай кирешеси 1959-ж. 949 миң сом болсо, 1965-ж. 1 млн. 629 миң


М. Абдувалиев.


А. Абдукадыров.


У. Абдукаимов.


А. Абдукаримов.


К. Абдулаев.


Г. М. Абдуллаев.

18636 *т* пахта тапшырылган же 939 *т* пландан ашык сатылган. А. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДУКАИМОВ Уэакбай (1909, Ош обл., Октябрь р-ну, Багыш кыш.,— 1963, Фрунзе) — кыргыз совет жазуучусу, прозаик, котормочу, 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. Ташкендеги балдар үйүнө (1923) кабыл алынып, кийин Казак-кыргыз агартуу интунда (1924—25, Ташкен) окуган. Кыргыз педтехникумун бүткөн (1929). Мектепте директор, Москвадагы СССР элдеринин Борб. басмасынын кыргыз бөлүмүндө (1930—31) редактор, респ. Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун илимий кызматкери (1933—37), Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу (1942—45), Кыргыз мамл. басмасында редактор (1946), Кыргызстан жазуучулар союзуна адабий консультант (1947—49) болуп иштеген. 1927-ж. «Жаңы маданият жолунда» журналында «Таң» аттуу алгачкы новелласы жарык көргөн. А. 3-класс (1933), кийинчерээк 7-класс үчүн адабият б-ча хрестоматия түзгөн; «Студент менен студенткага» поэмасын (1934), «Кыздын таалайы» (1939—40) повестин жазган. А. чебер котормочу, кыргыз профессионалдык көркөм котормосуна негиз салгандардын бири. Ал Пушкиндин «Борис Годуновун», «Полтавасын», жомокторун, лирикалык ырларын, Гоголдун «Текшерүүчүсүн», Лопе де Веганын «Койлуу булак», Л. Леоновдун «Чабуул», Островскийдин «Күнөөсүз күнөөлүүлөр», Мольердин «Жорж Данден, же акмак болгон күйөө» пьесаларын, Горькийдин «Көрүнгөндүн колунда» повестин, К. Чуковскийдин «Бибигон» жомогун, Фадеевдин «Жаш гвардия» романын ж. б. чыгармаларды которгон. «Айдар жана Айша» операсынын либреттосун (1948), «Эмгек маршы», «Пионерлер ыры» сыяктуу элге кеңири тараган ырларды жазган. А. өмүрүнүн акыркы жылдарында согуш темасына кайрылып, көп пландуу «Майдан» (1961, 1966) романын жаратты. Бийик профессионалдык деңгээлде жазылган бул романда советтик жоокерлердин Улуу Ата Мек. согуштагы турмушу ж-а эрдиктери, майдан м-н тылдын тыгыз байланышы, совет калктарынын бузулбас достугу реалисттик планда сүрөттөлгөн. А. бир нече адабий макалалар м-н очерктер да жазган. А. Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Майдан, Фр., 1966; Битва (перевод с киргизского В. Рослякова, с предисловием Ч. Айтматова), М., 1972.

Ад.: История киргизской литературы, М., 1970; Токомбаев А., Майдан романы жөнүндө учкай сөз, «Советтик Кыргызстан», 1962-ж., 11-март; Артыкбаев К., Узакбай Абдукаимов, «Ала-Тоо», 1959, № 10; Бобулов К., Новая ступень, «Дружба народов», 1968, № 9; Борбугулов М., От идеализации — к исследованию, «Дружба народов», 1972, № 10.

АБДУКАРИМОВ Абдумавлян (1922-ж. т.) — Ош обл-нын Сузак р-нундагы «Октябрь» к-зунун трактористи (1942). Соц. Эмг. Баатыры (1957). А. эмгек жолун 1933-ж. колхоздун талаачылык бригадасында иштөөдөн баштаган. А. тейлеген бригадада 1954—57-ж-да пахтанын түшүмү гектарынан 27 *ц* ден 53 *ц* ге жогорулап, орто эсеп м-н 40 *ц* ден айланган. Ал Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДУКАРИМОВ Мамасалы (5. 6. 1910-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну Жапалак кыш.) — кыргыз совет жазуучусу, котормочу, журналист. Кедей чайрыкер адамдын үй-бүлөсүндө туулган. 1939-жылдан КПССтин мүчөсү. 1916-ж. ата-энеси өлүп, ар кимдин колунда жүрөт, кийин (1921—24) Ошто жетим балдар үйүндө тарбияланат. 1930-ж. Кыргыз педтехникумун бүтүрүп, респ. «Ленинчил жаш», «Советтик Кыргызстан» газеталарында жооптуу секретарь, редактордун орун басары ж-а редактор болуп иштейт. Кыргызстан КП Ош обкомунун секретары (1943—47), Кыргызмамбаста көркөм адабият редакциясынын башчысы (1950—62). «Советтик Кыргызстан» газетасында адабий кызматкер (1962—68) болгон. А-дун «Курмушунун турмушу» аттуу алгачкы аңгемеси 1928-ж. жарык көрөт. А. «Кызыл эмгек» (1932), «Турмуш жана күрөш» (1937), «Үзүлбөгөн үмүт» (1957), «Болгар жеринде» (1960) жыйнактарынын, «Жашагым келет» романынын (1-китеби, 1960; 2-китеби, 1965) автору. А. көрүнүктүү котормочу катары да белгилүү. Ал марксизм-ленинизм классиктеринин чыгармаларын, ар түрдүү тармактагы адабияттарды, орус ж-а дүйнөлүк классиктер А. П. Чеховдун, М. Горькийдин, М. Шолоховдун, Джон Риддин ж. б-дын көркөм чыгармаларын, ондогон киносценарийлерди кыргыз тилине которгон. А-дун 1970-ж. биографиялык мүнөздөгү «Жол башы» аттуу повести чыкты. А. 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Артыкбаев К., Жазуучу, журналист жана котормочу, «Ала-Тоо», 1960, № 9; Закиров С., Жашагым келет романы тууралуу, «Ала-Тоо», 1962, № 6.

АБДУЛАЕВ Курманкул (1918-ж. т.)— Ысык-Көл обл-нын Түп р-нундагы «Сухой-Хребет» с-зунун комбайнёру (1937), Соц. Эмг. Баатыры (1957). А. 1931-ж. совхозго жумушчу болуп кирип, 1937-жылдан бери комбайнёр. 1956-ж. А. 520 *га* эгин чаап, 11565 *ц* дан бастырган. А. Кырг. ССР Жогорку Советинин 5-шайл. депутаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДУЛЛА ХАФИЗ (чыныгы аты-жөнү—Файзуллаев Абдулла; 1869—1944) — Кырг. ССРинин эл артисти (1940), Өзб. ССРинин эл ырчысы (1943). Окт. рев-нан кийин Намангандагы шайырлар ийриминде, Чыгыш труппасында, Оштогу муз. драма театрында, согуш жылдарында Ташкен обл-нын Янги-Юл ш-дагы муз. драма ж-а комедия театрында иштеген.

АБДУЛЛАЕВ Гасан Мамед Багир оглы (20. 8. 1918-ж. т.,) — советтик физик. СССР ИАнын мүчө-корр. (1970), Азерб. ССР ИАнын академиги (1967; мүчө-корр. 1955), президенти, физ.-матем. илимдеринин доктору (1954), 1942-ж-дан КПССтин мүчөсү. Жульфин р-нундагы Яйжи кыштагында дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. Азерб. педин-тун бүтүргөн (1941). 1941—1944-ж-да— мугалим. 1944-ж-дан Азерб. ССР ИАнын Физ.-матем. институнда илимий иш жүргүзгөн. 1954-ж. Азерб. мамл. ун-тинде лекция окуйт. 1959-ж. Азерб. ССР ИАнын физ. интунун директору. А-дин жарым өткөргүчтөрдү изилдөө б-ча маанилүү эмгектери бар. Илимдин бул тармагынан 50 дөн ашык кандидат даярдап, 6 докторлук диссертацияга консультант болгон. СССР Жог. Советинин 9-шайл. депутаты.

АБДУЛЛАЕВ Хабиб Мухамедович [18(31). 7. 1912, Ош обл., Араван кыш.,— 20. 6. 1962, Ташкен] — көрүнүктүү өзбек совет геологу, Өзб. ССР ИАнын академиги (1947), президенти (1956—62), СССР ИАнын мүчө-корр-ти

Н5958
Центральная научная библиотека Академии наук Кирг. ССР



Х. М. Абдуллаев.



Т. Абдумомунов.

(1958), геол.-минералогия илимдерінің доктору (1946). 1941-ж-дан КПССтин мүчесу. Кедей дыйкан үй-бүлесүндө туулган. О. Азия индустр. институтун геол. ф-тетин бүтүргөн. Москва геол. чалгындоо ин-тунда (1936), О. Азия политех. ин-тунда (1940) пед. кызматта иштеген. О. Азия индустр. ин-тунун ж-а Өзб. ССР ИАнын Геол. ин-тунун директору (1941—50). А. петрологиянын теориялык маселелерин, кен илими ж-дө окуулу, скарн ж-а аны м-н байланыштуу болгон кендердин проблемасын иштеп чыккан. Айрым кен байлыктардын пайда болушу ж-а алардын жер кыртышында таралыш закон ченемдүүлүгү ж-дө илимий теорияны козгогон. А-дин 130дан ашык илимий эмгеги (анын ичинде 6 монографиясы) бар; айрымдары дүйнөгө маалым. *Эл аралык геологиялык конгресске* бир нече жолу (1950—61) катышкан. Франция геол. комитети м-н Британия минералогиялык коомунун мүчесу (1960). СССР Жогорку Советинин 5-шайланышынын ж-а Өзб. ССР Жогорку Советинин (1955—62) депутаты, Өзбекстан КП БКнын мүчесу (1956—1962), КПССтин 22-съездинин делегаты. Ленин дык сыйлыктын (1959), Бирүнин атн. Өзб. ССРинин Мамл. сыйлыгынын (1970) лауреаты. Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу, үч Кызыл Жылдыз ж-а «Ардак Белгиси» ордендери, бир нече медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Собрание сочинений, 1—7 т., Таш., 1964—69.

АБДУЛЛАХ БИН АБДУЛКАДИР МУНШИ (1796—1854) — малайя элинин жазуучу-агартуучусу, малайя тилиндеги көркөм прозага негиз салуучу. Сообдагер үй-бүлөсүндө туулган. «Абдулла баяны» (1849), «Абдулла бин Абдулкадирдин Сингапурдан Келантанга саякаты» (1849), «Абдуллахтын Жиддеге барышы» (1854) аттуу мемуардык-публицистикалык чыгармалары бар. Малайя тилин арабча сөздөрдөн арылтуу үчүн күрөшкөн. 15-к-дагы «Малайя санжырасы» деген тарыхый хроникаңы бастырып чыгарган (1840).

АБДУМОМУНОВ Токтоболот (15. 8. 1922-ж. т., Кемин р-ну, Жаңы-Алыш кыш.) кыргыз совет жазуучусу, драматург, Кыргыз ССР иск-восуна эмг. сиң. иштмер (1972), коомдук иштмер. 1959-жылдан КПССтин мүчесу. Фрунзедеги мед. окуу жайын бүтүргөн (1938). Журналисттик кызматтарда иштеген. 1959—71-ж. Кыргызстан жазуучулар Союзунун Башкармасынын биринчи секретары, 1974-жылдан кыргыз Театр коомунун председатели. А-дун чыгармачылыгы согуштан кийин башталган. Адегенде ал очерк, аңгеме, сын макалалар, бир актылуу пьесалар жазат. Алгачкы пьесалары: «Күмдуу чап» (1946); «Замандаштар» (1948), «Курман» (1950), «Достуктун жиби үзүлгөндө» (1950). Азыркы учур м-н байланыш, актуалдуулук А-дун кийинки мезгилдеги чыгармачылыгында андан бары тереңдеди. Айрыкча 50-жылдары жазылган «Борбаш» (1950), «Тар капчыгай» (1953), «Атабектин кызы» (1956), «Ашырбай» (1956) пьесалары автордун орус ж-а дүйнөлүк драматургия өнөрүнүн жетишкендиктерин өздөштүргөнүн айкындан, турмуштук материалды көркөм чагылтуунун улуттук салттарын жаңылоо, жаңы формалар м-н ыкмаларды издөө б-ча белгилүү ийгиликке жеткенин көрсөттү. Аталган пьесалар кыргыз драматургиясынын жаңы профессионалдык деңгээлге көтөрүлгөндүгүн далилдеди. 60-жылдары жазылган «Абийир кечирбейт» (1962), «Каркыралар кайтканда» (1965), «Бюро жүрүп жатат» (1968), «Жыгылган оогонго күлөт» (1969) пьесалары респ. кыргыз ж-а орус театрларында коюлду. «Абийир кечирбейт» Сов. Союзунун жыйырмадан ашык театрынын репертуарынан орун алды. Бул пьесалар бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелерин козгоп, сов. адамдардын баатырдык эмгегин, өз ара мамилесин, сүйүүсүн, күрөшүн, достугун даңазалайт. А. көбүнчө моралдык-этикалык темаларга көп кайрылып, аларды драматургиянын «тилинде» олуттуулук м-н ишенимдүү баяндап берет. Психологиялык жактан ишенимдүү, жекече мүнөзго ээ, тыптештирилген каармандардын тобун жаратты (Ашырбай, Жыпаргүл, Майсалбубү, Нурдин, Масадык, Шайыргүл, Наргүл). Комедия жанрын онуктүрүдө айтаарлык үлүшү бар. Драматургдун соңку пьесасы («Таалай гүлдестеси», 1970) Вьетнам элинин баатырдык күрөшүн чагылдырат. А.— «Жүкөш» (1950) повестинин, «Жакшы адамдар» (1955) деген аңгемелер ж-а очерктер жыйнагынын, кыргыз адтынын маселелерине байланышкан бир катар публицистикалык ж-а сын макалалардын автору. А-дун «Сүйүү ж-а үмүт», «Абийир кечирбейт» деген пьесасы Токтогул атн. Мамл. сыйлыкка татыктуу болгон (1967). А.— СССР Жог. Советинин 6-шайланышынын, Кырг. ССР Жог. Советинин 7—8-шайланышынын депутаты. Үч жолу Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Пьесалар, Фр., 1969; Чыгармалардын бир томдугу, Фр., 1973; Ашырбай, Драма в четырех действиях. М., 1958; Обжалованию не подлежит. Драматич. повесть в 2-х действиях. М., 1963.

Ад.: История киргизской советской литературы, М., 1970; Борбугулов М., Турмуштун терөнүн көздөй, Фр., 1967; Жакиев В., Маанилүү драма («Ашырбай» драмасы жөнүндө), «Ала-Тоо», 1958, № 9.

АБДУРАХМАН АФТОБАЧИ (т. ж-а ө. ж. белгисиз)—Кокон хандыгына каршы кыргыздардын көтөрүлүшүн (1873—76) басуучулардын бири. Мусулманкул миң башынын уулу А. А. О. Азия элдеринин өткөн кылымдагы тарыхына саясий эки жүздүүлүктүн ж-а кыянаттыктын жандуу үлгүсү катары кирген. Ал 1873-ж. майда *Худаяр-хан* Кокондун түш.-чыгышынан чыккан эл көтөрүлүшүн басууга жиберген жазалоо отрядына башчылык кылган. Ал көтөрүлүшчүлөрдү жактамыш этип, ханга 40 кишиден өкүлдүк жиберип, өзү отряды м-н хан алдына акчыланып келген. Хан кыргыз өкүлдөрүн бут өлтүргөн соң, көтөрүлүш кайра күчөгөн. А. А. 1873-ж. июнда Кирлик ж-а Хазарат деген жерлерде көтөрүлүш чыгаран кыргыздар м-н кыпчактарды жазалоого барган отряддын башында болгон. Жазалоо отряды көтөрүлүшчүлөрдөн жеңилгенде, ал Коконго кире качкан. Андан кийин Лейлек багытындагы (1873) ж-а Наманган аймагындагы (1874) көтөрүлүштөрдү баскан. 1873—74-ж-дагы кыргыз-кыпчак көтөрүлүштөрүн басууга башчы болуп, ошону үчүн ал хандан «парваначы» наамын алган. Ал 1875-ж. Өзгөндө башталган көтөрүлүштү басуу үчүн жазалоо отрядын баштап барып, 17-июлда көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кеткен. Көтөрүлүшчүлөрдөн сестенген Худаяр-хан Кокондон качкан соң, А. А. ак сөөк феодалдарга кошулуп хандын уулу Наср-Эддинди тактыга көтөргөн, алар элдик кыймылдын ошол кездеги жетекчиси Пулат-ханды колго түшүрүп, кыймылга диний багыт берүүгө аракеттенишкен. 1875-ж. көтөрүлүш жацыланып, кайра күч алганда, хандын суроосу б-ча жиберилген падышалык бийликтин жазалоо отрядына А. А. башка ак сөөктөр м-н бирге багынып берген да, көтөрүлүшкө чыккынчылык кылган.

АБДУРАХМАН ХАЖАР (чын аты-жөнү — Абдурахман Шарафканди; 9. 6. 1920-ж. т., Шарафканди кыш., Ирак Курдистаны) — курд акыны. Мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Филос. ж-а логика илимдерин үйрөнгөн. Саясий ишмердиги үчүн көп жолу куугунтукка алынган. Чыг-лык ишин 1945-ж. баштаган. «Алакок» (1945), «Кой баштарынан баян» (1957), «Бардыгынан аз-аздан» деген ыр жыйнактарын жарыялаган. Өз чыг-ларында А. Х. тынчтык ж-а курд элинин улуттук өз алдынчалыгы үчүн күрөшкө үндөп, курд-араб достугун ж-а ынтымагын даңазалайт. Азерб., араб, перс тилдеринен которот. Айрым ырлары («Ант берем», «Ийнинге ийни тийишин», «Адамга» ж. б.) орус тилинде басылып чыккан.

АБДУРАХМАНОВ Фуад Гасан оглы (1915-ж. т.) — скульптор, Азерб. ССРинин эл сүрөтчүсү (1955). СССР сүрөтчүлөр академиясынын мүчө-корр-ти (1949). 1962-жылдан КПССтин мүчесү. Ленинграддагы Сүрөт академиясынан билим алган. Кировабад ш-да орнотулган Низаминин эстелиги (1946) үчүн СССР Мамл. сыйлыгын алган (1947); бул эстелик Бакуда



Ф. Абдурахманов. «Чабан». Бронза. 1951. Третьяков галереясы.

коюлган (1949). Белгилүү монументтик чыг-лары: Сухе-Батор м-н Чойбалсандын бюсту (мрамор, 1954, Улан-Батор), С. Вургун (1961, Баку) м-н Рудакинин (1964, Дүйшөмбү) эстелиги, «Боштондук» (1960, Баку), «Чабан» (гипс, 1950-ж. СССР Мамл. сыйлыгын алган) статуялары ж. б. А. бир нече портреттик бюсттарды да жасаган, 2 орден м-н сыйланган.

АБДУСАМАТ — Ош обл-ның Фрунзе р-нундагы Халмион сельсоветине карашту кыштак. Араб-Добо м-н Чимион сууларынын аралыгында, «Победа» к-зунун аймагында жайгашкан. Райондун борбору Фрунзеден 14 *км* түн.-бат. тарапта, Ташкен т. ж-дагы Маргалаң станциясынан 40 *км*. Калкы 879 (1971). Башталгыч мектеби бар.

АБДЫБЕКОВ Садырбек (1871, Тору-Айгыр,— 25. II. 1950, Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Жол-Колот кыш.)—мергенчи, натуралист, саякатчы, тилмеч. Кедей үй-бүлөсүндө туулган. 19-кылымдын аягынан тартып орус (А. А. Куценко, 1901; В. Н. Шнитников ж. б.) ж-а чет өлкөлүк (Д. Алмаши, 1900; Г. Мерцбахер, 1902—1903; Д. Принц, 1906 ж. б.) илимий экспедицияларга катышкан. Кунгей-Тескейдин, Сары-Жаз, Көөлү, Арпа, Суусамыр, Балгарт ж. б. Тянь-Шандын көп жерлерин (1890—1943), Иле өрөөнүн (1909, 1912—13), Балкаш көлүнүн жээктерин (1913), Жунгар тоолору м-н Ала-Көлду (1914), Күнөс, Текес, Борохорону (1916—21) ж. б. жерлерди кыдырып чыгып, орустун (Москва, Петербург) ж-а чет өлкөлөрдүн (Будапешт, Лондон, Мюнхен ж. б.) бир топ музейлерин көп сандаган коллекциялар м-н жабдыган. Сов. мезгилде колхоз курулушуна активдүү катышкан. Кыргызстанда ачылыкты уюштуруучулардан болуп, Ачылар союзунун башкармасына шайланган. 1930-ж-дан баштап Пржевальскидеги чумага каршы станциянын илимий кызматкери катары бир нече экспедицияга катышкан. Фрунзедеги (1926) ж-а Пржевальскидеги (1928—29) крайлык музейлерди түзүүгө катышып, аларга өзү далдаган коллекцияларды берген. Кыргыз жергесин, анын табигатын, өзгөчө айбанаттарын жакшы билген.

АБДЫКАЛЫКОВ Жолдошбай (1935-ж. т., Ысык-Көл р-ну, «Таштак» кыш.) — кыргыз сов. акыны. Кыргыз мамл. ун-тинин филол. ф-тетин бүтүргөн (1959). 1955-ж. «Ленинчил жаш» газетасына басылган «Добуш берем» деген ыры м-н чыгармачылыгы башталат. А. «Ленинчил жаш» газетасында (1960—62), «Жаш Ленинчи» журналында (1962—65) адабий кызматкер болуп иштеген. Азыр «Кыргызстан пионери» газетасында болүм башчы. 1961-ж. «Жылдызстан» аттуу алгачкы ырлар жыйнагы жарык көрдү. А.— «Бакыт гүлдөрү» (1963), «Көш жылдыз» (1967), «Ак толкундар» (1968) (бул китебине 1970-ж. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгы берилген), «Таштагым менин, Таштагым» (1970), «Теребел» (1971), «Дүйүм дарак» (1973) аттуу ырлар жыйнактарынын автору. Ал классикалык кыргыз поэзиясынын салты м-н жазат. А.— поэзиясында замандаштарынын ички дүйнөсүн назик лиризм, курч публицистика м-н ачып берүүгө аракеттенген акын.

АБДЫЛДАЕВ Мамбет (1924-ж. т.) — Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1967-жылдан КПССтин мүчесу. Ош обл-ның Токтогул р-нундагы Токтогул атн. с-здун старший чабаны. 1965—67-ж-да ар 100 түбар койдон 130—140 тан козу алып, чыгашасыз асыраган. СССР Жогорку Советинин 7-шайл. депутаты. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДЫЛДАЕВ Табылды (1932-ж. т., Ысык-Көл р-ну, Бостери кыш.) — сов. философ, филос. илимдеринин доктору (1968), профессор (1969). 1958-жылдан КПССтин мүчесү. КМУнун биол. ф-тетин бүтүргөн (1953). 1953—56-ж. аспирантурада окуган. 1956—66-ж. КМУнун филос. кафедрасынын окутуучусу, доценти. 1966-жылдан КММИнин филос. кафедрасынын башчысы. А.— табият таануунун логикалык ж-а методол. проблемалары б-ча белгилүү адистердин бири. Ал биол. түр ж-а анын келип чыгышынын филос. маселелерин изилдеп бир нече монография (5), китепче ж-а макалаларды жарыкка чыгарган.

Чыг.: В. И. Ленин и развитие современного естествознания, Фр., 1961; Философские вопросы учения о виде, Фр., 1966; Философские вопросы естествознания в трудах В. И. Ленина, Фр., 1970; Понятие «вид» в современной биологии, Фр., 1971; Различные тенденции в исследовании уровней организации живой природы, Фр., 1975; Актуальные проблемы диалектики, Фр., 1975.



М. Абдылдаев.



Р. Абдылдаева.

АБДЫЛДАЕВА Расия (1924-ж. т.) — Нарын обл-ның Ак-Талаа р-нундагы Ленин атн. к-здун старший чабаны, Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1950-ж-дан старший чабан болуп иштейт. 1958-ж. ар жүз түбар койдон 126 козу, 4,1 *кг* дан жүн алууга жетишкен. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДЫРАИМОВ Асанаалы (1906-ж. т.) — Нарын обл-ның Ак-Талаа р-нундагы Карл Маркс атн. к-здун жылкычысы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1930—40-ж. колхоздо старший чабан, Улуу Ата Мек. согуштан келгенден кийин, жылкычы (1946) болуп иштейт. 1947-ж. 59 түбар бээден 59 кулун алып, бардыгын аман асыраган. Ал Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар ж-а «СССРдин айыл чарбасынын отличниги» значогу м-н сыйланган.

АБДЫРАКМАНОВ Байымбет (1860—1942) — кыргыздын улуу жазма ырчысы, ырчылар поэзиясынын классиги, к. *Тоголок Молдо*.

АБДЫРАХМАНОВ Сүйөркүл (1898, Талас, Чоң-Токой айылы,— 1959, Жаңы-Алыш) — жазма ырчы. Кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. Окт. революциясына чейин Олуя-Ата ш-да (азыркы Жамбыл) ж-а Таласта байларга жалданып, тиричилик өткөзүп келген. 30-ж-дары сабатсыздыгын жоюп, мугалимдик курста окуйт. 1943-ж-га чейин мугалим, 1943—45-ж-да Магнитогорск металлургиялык э-дунун жумушчусу болуп иштеген. Чыгармачылык иши 1930-ж-дан башталат. Чыгармаларында негизинен Компартиянын акылман жетекчилигин, колхозчулардын кыргал турмушун даңазалайт. «Эр Солтоной» аттуу элдик эпосту да жазып басмадан чыгарат. Анда кыргыз элинин сыртқы басып алуучуларга — калмактарга каршы жүргүзгөн күрөшү, элдик баатыр Солтоной дун эл-жерди коргодогу эрдиги баяндалат.

Чыг.: Эр Солтоной, Фр., 1959.

АБДЫРАХМАНОВ Ыбырайым (1888—1967) — белгилүү кыргыз жомокчусу, санжырачы, педагог, фольклорист. Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз тарабындагы Талды-Булак деген жерде оокаттуу үй-бүлөдө туулган. 1905-ж. Караколдо татар мектебин бүтүрүп, мугалим болуп иштеген. Совет бийлигинин жылдарында Алматы, Фрунзеде ачылган мугалимдик курстарда оку-



А. Абдыраимов.



Т. Абдышева.

ган. 1939-ж. Фрунзедеги мугалимдер ин-тун бүтүргөн. 1935—60-ж. Кыргызстандагы тил, адабиятты изилдөө багытындагы илимий мекемелерде кызматкер болуп иштеген. А. бүт өмүрүн кыргыз элинин оозеки чыгармаларын чогултууга арнап, С. Каралаевден «Манас», «Семетей», «Сейтектин» көп бөлүгүн, 1922—26-ж. Сагынбайдан «Манас» эпосун (400 басма табак көлөмүндө), «Эр Төштүк» жомогун жазып алган. Революцияга чейинки жазма ырчылардын чыгармаларын жазып алып, фондуга өткөргөн. Ал өзү да «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосун жакшы айткан. «Манас» трилогиясынын А. түзгөн варианты идеялык жактан таза келип, көркөмдүк жактан жеткилең. А. көп сандаган фольклордук ж-а тарыхый-этногр. материалдарды жыйноодо көп эмгек сиңирген. А. кыргыздын «Жаңыл Мырза» дастанын да айткан. Эл арасында айтылган легендаларды, тарыхый уламыштарды, асыресе «Казак кайың саан, кыргыздын ысарга киргени» деген тарыхый уламышты көлөмдүү санат ырга айландырган. «Манастын» кайсы кылымдарда болгону тууралуу» (1941) деген макаласында эпостун доорунун мүнөз ж-дөгү көптөн берки байкоолорун топтогон. «Манас» эпосун жарыкка чыгарууга да активдүү катышкан. 1948-ж. СССР жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө өткөн. А. бир нече медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Мамыров М., Жомокчу, жыйноочу, фольклорист, «Ала-Тоо», 1967, № 11.

АБДЫШЕВА Токтогүл (1923-ж. т.) — Фрунзедеги трикотаж ф-касынын тигүүчү-мотористкасы. Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1958-жылдан КПССтин мүчөсү. А. эмгек жолун 1946-ж. Фрунзедеги трикотаж ф-касында үйрөнчүк болуп баштаган. Ал норма б-ча күнүнө 2600 топчулук жасоонун ордуна 4000 топчулук даярдоого жетишип, «Коммунисттик эмгектин ударчылары» деген наамга татыктуу болгон (1955). 8-беш жылдык планды 1969-ж. орундатып, 1970-ж. үчүн иштеген. А. 1971-ж-дын июнь айында эле жылдык планын орундатып, 1972-ж-дын эсебинен иштейт. Кыргызстан Компартиясынын 12—15-съездинин делегаты. Совет-монгол достук коомунун мүчөсү. Эки Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБЕГЯН Манук Хачатурович (1865—1944) — армян совет адабиятчысы, лингвисти. Арм. ССР ИАнын академиги (1943). «Мовсес Хоренацинин «Армения тарыхындагы» армян эл мифтери» (1899), «Армян эл эпосу» (1908), «Жаңы армян тилинин теориясы» (1931), «Байыркы армян адабиятынын тарыхы» (1—2-т., 1944—46) аттуу эмгектери бар. Арм. ССР ИАнын Адабият ин-туна А-дын ысмы берилген.

АБЕРДИН-АНГУС УЮ — эт багытындагы порода. Ал жерг. кара, токол уйларды көп жыл бою асылдандыруунун негизинде Шотландияда чыгарылган. Букасынын тирүүлөй салм. 700 *кг*, инеги 580 *кг*, саан ую жылына 2000 *кг* сүт берет. Сойгондо 60% эт ж-а ич май алынат. Бул порода Англия, АКШ, СССР (Волгоград, Оренбург обл-тарында, Казакстанда)



ж. б. өлкөлөрдө өстүрүлүүдө. Жерг. породанын эттүүлүк касиетин арттыруу максатында Канададан алынган А.-а. букалары ала-тоо уйлары м-н аргындаштырылып жатат.

АБЖАЛИЕВ Пазыл (1909-ж. т.) — Кырг. ССРинин айыл чарба ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1950). Ош облынын Ноокат р-нундагы «Караван» к-зунун тамекичилик звеносунун звеновод (1946). А. эмгек жолун 1930-ж. Кызыл-Кыя кен башкармасында шахтёрлуктан баштаган. 1933—43-ж. тамеки өстүрүүчү бригаданын бригадири. 1946-жылдан звено башчысы болуп иштеген. А. башкарган звено 1949-ж. 3,1 *га* аянттагы тамекинин ар гектарынан 19,1 *ц* ден түшүм алган. А-дын Ленин ордени, медалдары бар. Персоналдык пенсионер.

АБЖАЛИЛОВ Халил Галеевич (1896—1963) — татар актёру, СССР эл артисти (1957). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Сахналык ишмердигин 1916-ж. баштаган. Оренбургдагы «Чыгыш театрын» 1919-ж. негиздеген. 1928-жылдан баштап Татар АССРинин Ш. Камал атн. акад. драма театрында иштеген. Ш. Камалдын «Карганын уясындагы» Халилдин, Исанбеттин «Кожо Насреддининдеги» Насреддиндин, Шекспирдин «Отелло», «Король Лириндеги» Отелло, Лирдин ж. б. ролдорду аткарган. Татар АССР Жогорку Советинин 2—4-шайланышынын депутаты. Үч орден м-н сыйланган.

АБЗАЦ (нем. Absatz — чегинүү) — 1) басма же кол жазма тексттеринде жол башынан оң жакка карай бир аз чегинип жазуу. 2) Тексттин эки абзац аралыгындагы маани жактан байланышкан бүкүлү болүгү.

АБИДЖАН — Пил Сөөктүү Жээк Респ-канын борбору. Калкы 650 миң (1972; шаар айланасы м-н бирге). Атлантика океанынын жээгинде. Негизги порт, темир ж-а шоссе жолдор тоому; ири соода борбору. Тамак (балык, ананас консервасы, шире ж. б.), жеңил, жыгач ж-а металл иштетүүчү ө. ж-лары, кеме верфи, аэродрому, Дакар ун-тинин филиалы бар.

АБИИР — адамдын моралдык жактан өзүн өзү сезүү ж-а контролдоо жөндөмдүүлүгүнүн жогорку формасын, туюнтуучу этикалык *категория*. А. коомдун, элдин же айрым адамдардын алдында өзүнүн ниш-аракеттери үчүн адамдын моралдык жоопкерчиликти сезиши, бул же тигил эл, тап, коомдук топ үчүн адамдын ички ишеними болуп калган белгилүү адеп нормаларына ылайык жеке адамдын моралдык жактан өзүн өзү баалоосу. А. тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө адамдардын ортосундагы өз ара мамилелеринин натыйжасында келип чыккан коомдук, конкреттүү тарыхый категория болуп эсептелет. А. адамды терс жорук-жосундан токтотуп, адилеттик аракеттерге түртөт. Адамдардын турмушка көз карашы, алардын кайсы тапка таандыгы А-дин калыптанышына чоң таасир көрсөтөт. «Адам — адамга карышкыр» деген принцип үстөмдүк кылган эксплуатациялык коом адамдарды моралдык жактан бузат. Адамзаттын таза А-нин өзөлөри — рев. пролетариат ж-а анын компартиясы. Социализм ж-а коммунизм убагында А. моралдык жактан бузуучу факторлордун таасиринен бошонуп, адамдардын жаңы моралдык турпаттарынын эң маанилүү белгилеринин бири болуп кала берет.

АБИОГЕНЕЗ (*а...* ж-а *био...*, genesis — жаралыш, чыгыш) — организмдердин орг. эмес заттардан пайда болушу ж-дөгү теория. 19-к-дын жарымына чейин А. деп түзүлүшү татаал организмдердин жансыз табигый заттардан кокусунан келип чыгышын түшүнүшкөн. Мис., 17-к-да курт, балык, бака, чычкан баткактын ылай чөкмөлөрүнөн, шүүдүрүмдөн жаралат деп эсептешкен. Бирок 1668-ж. итал. окумуштуу Ф. Реди бузулган эттеги чымындын жумурткасынан чымындын личинкасы жетилерин, 18-к-да Л. Спалланцани кайнатылган сорподо микроорганизмдер өнүкпөй тургандыгын аныктаган. Муну Л. *Пастер* 1861-ж. биротоло далилдеген. Ф. Энгельс тиричиликтин жаралуу проблемасын 1-жолу материалисттерче коюп, тиричилик деген өнүгүүнүн белгилүү этабында пайда болгон материя кыймылынын өзгөчө формасы экенин көрсөткөн. Азыркы убакта окумуштуулар тиричиликтин келип чыгышын татаал эволюциялык процесс деп эсептешет.

АБИОСТУК ФАКТОРЛОР — чөйрөнүн организмге таасир берчү орг. эмес

шарттары. А. ф. хим. (атмосфераның, суунун, топурактын хим. составы) ж-а физ. же климаттык (темп-ра, басым, шамал, агым, радиация ж. б.) деп бөлүнөт. А. ф. жер бетинин рельефине, климатка жараша өзгөрүп, организмдердин ареалдагы санына (биомасса) ж-а таралышына таасир тийгизет.

АБИССАЛЬ (гр. ábyssos — түпсүз), **абиссаль зонасы** — деңиз түбүнүн өте терең (2 *км* ден төмөн) аймагы. Мында океан түптөрүнүн рельефин ири ойдундар, суу астындагы кырка тоолор м-н платолор түзөт. А. зонасында суу тыңчыраак абалда, төмөнкү темп-рада (0—2°С) болуп, туздуулугу (34,7—34,9‰) ж-а тыгыздыгы дайыма туруктуу. Күн нуру жетпейт, басым өтө чоң (200—1100 *кгс/см*²). Деңиздин мындай түпкүрүн органогендүү же минералдуу заттардан пайда болгон тунма ылай каптап жатат (к. *Абиссаль чөкмөлөрү*). Өсүмдүктөр дүйнөсү негизинен бактериялардын айрым түрлөрүнөн ж-а сапрофит балырларынан турат. Жаныбарлары сокур же көздөрү өтө чоң болот. Алардын көбү өздөрүнөн нур чыгарып, жаркырап жүрүшөт.

АБИССАЛЬ ТҮЗДҮКТӨРҮ — океан ж-а деңиз чуңкурдуктарындагы түздүктөр. Морфол. түзүлүшү жагынан тайпак (субгоризонттуу) ж-а дөңсөөлүү болуп, 2 типке бөлүнөт. Тайпак А. т. океан чуңкурдугунун чет жагына, деңиз ойдунуун борб. бөлүгүнө туура келет. Мындай түздүктөр өте тегиз келип, алардын ар кайсы жерлеринде жанар тоодон пайда болгон дөбөлөр кездешет. Тайпак А. т. Атлантика океанында көп (Хаттерас, Бискай, Ангола ж. б.). Дөңсөөлүү А. т-нүн рельефи татаал, 500 *м* ден 1000 *м* ге чейин жетет. Түздүктүн бети дөңсөөлүү, жалчалуу келет, борпоң, чөкмөлүү ойдундары бар. Мындай түздүктөр Тынч, Инди, Атлантика океандарында болот.

АБИССАЛЬ ЧӨКМӨЛӨРҮ — 3 *км* ден төмөнкү терендикте топтолуучу суу астындагы *деңиз чөкмөлөрү*. Алар дүйнөлүк океандардын түптөрүнүн 90% ке жакын аянтын ээлеп жатат. А. ч. *планктон* организмдеринин скелет калдыктарынан, шамал учуруп ж-а деңиз агымдары м-н келген минералдык майда заттардан, суу алдындагы тоо тектердин талкаланышынан пайда болгон бүртүкчөлөрдөн, терендиктеги хим. чөгүндүлөрдөн ж-а жанар тоо бүркүндүлөрү м-н космос чаңдарынан турат. Чөгүү процесси өтө жай жүргөндүктөн, 100 жылда орто эсеп м-н 0,5—2 *мм* гана калыңдыктагы чөкмө пайда болот. Составынын 20—98% орг. калдыктардан турган акиташтуу ж-а кремнийлүү тунма ылайлардан түзүлсө — **органогендик**, ал эми скелеттер өтө аз кездешип, негизинен кызыл чоподон турса, **полигендик** деп аталат. Кызыл чоподо темир-марганец конкрецияларлары кездешет, к. *Деңиз чөкмөлөрү*.

АБИТУРИЕНТ (лат. abituriens — кеткени жаткан) — көп өлкөлөрдө орто окуу жайын бүтүрүүчү кыз-улан. СССРде А. деп окуу жайына кирүүгө далалат кылган кишини аташат.

АБЛАКТИРОВКА (лат. ablacto — баланы эмчектен чыгарам) — бутактарды өсүмдүктөрдөн ажыратпастан тийиштирип кыйыштыруу. Жаңаша өскөн эки өсүмдүктүн бутактары алдын ала бирдей өлчөмдө жонулган каптал беттери м-н тыгыз бириктирип байланат. Кыюу үстү болуучу бутакты кыйыштыруу үчүн, жонулган бетинин карама-каршы жагында (артында) бүчүр болуш керек. Кыйыштырылган жери бүткөндөн кийин, байлоо алынат, кыюу үстү эне өсүмдүктөн ажыратылат да, кыюу астында калтырылат. Кыйыштырылган жерден өйдөкү бөлүгү да кесилип ташталат. Кыйыштырылган бүчүрдөн жаш бутак өнүп чыгат. А. көбүнчө мөмө бактарын, декоративдүү дарак ж-а бадал өсүмдүктөрүн формалап өстүрүүдө, жүзүмчүлүктө ж-а *кыйыштыруунун* башка жолдору натыйжа бербеген шартта колдонулат.

АБЛЯЦИЯ (*гляциологияда*) — эрүүнүн, буулануунун ж-а механикалык бөлүнүүнүн (шамалдын учурушу, айсбергдин бөлүнүшү ж. б.) натыйжасында муздуктун же кар массасынын кичирейиши. Пайда болуу өзгөчөлүгүнө жараша А. түпкү (муздук астындагы), ички ж-а үстүңкү болуп үчкө бөлүнөт. Түпкү А. жердин ички жылуулугунан ж-а муздуктар козголгондо, жер кыртышы м-н сүрүлүшүнөн пайда болот. Ички А.— муздук бөлүктөрүнүн өз ара сүрүлүшүнө ж-а суу м-н абанын муз арасынан өтүшүнө, ал эми үстүңкү А. күн радиациясы м-н абанын жылуулугуна байланыштуу.

АБО ТЫНЧТЫК ТРАКТАТЫ — 1741—43-жылдагы Россия-Швеция согушун Швециянын жеңилиши м-н бүтүргөн договор. 1743-ж. Россия м-н Швециянын ортосунда түзүлгөн. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө, этерде Адольф Фридрих Швецияда тактынын мурасчысы болуп шайланса, Россия өзүнүн терр-ялык жактан койгон доолорун чектөөгө макул экендигин билгизген. Швеция бул шартты орундаткан. Трактат негизинде тараптардын ортосунда «түбөлүк тынчтык ж-а достук» орнотулуп, алар касташа турган союздарга кирбөө милдеттенмесин алышкан. Балтика боюндагы Россия ээлеп алган терр-ялар биротоло бекемделген ж-а Кюмене д-сы чек болуп, андан берки аймак Россиянын карамагына өткөн. А. т. т. Россиянын Балтика деңизиндеги ж-а анын боюндагы абалын бекемдеп, түн.-бат. чек арасын коргоо мүмкүндүгүн берген.

АБОВЯН Хачатур (1805—1848) — жаңы армян ад-тына ж-а адабий тилине негиз салган жазуучу, рев-чыл-демократ, агартуучу, педагог, этнограф. 1836-ж. Дерпт (азыркы Тар-



П. Абжалиев.



Х. Абовян.

ту) ун-тин бүтүрүп, мугалимдик кылуу үчүн туулган мекенине кайтып келген. Агартуу ишиндеги диний-схоластикалык системага, догматизмге каршы күрөшүп, реакциячыл армян динчилеринен ж-а падыша чиновниктеринен запкы көргөн. А. бир нече роман («Армения жараасы»), аңгеме, очерк, пьеса, тамсил ж-а илимий-көркөм чыгармаларды («Американы ачуу») жазган. Феодализмдин, чиркөөнүн идеологиясына каршы багытталган чыгармалары элге түшүнүктүү тилде жазылган. А.— жаңы армян демокр. педагогикасынын негиздөөчүсү. Арменияда да 1-болуп илимий этнографияга көңүл бөлгөн, армян, азерб., курд элдеринин оозеки чыгармаларын жыйнаган.

АБОЛИН Роберт Иванович (1886—1942) — сов. геоботаник, топурак таануу ж-а физ. география б-ча при адис. Биол. ж-а а. ч. илимдеринин доктору (1934), профессор (1930). Петербург токой чарба ин-тун бүтүргөн (1913). Илимий ишин 1908-ж. баштаган. 1915-ж-дан тартып Түш. Казакстандын чөлдөрүн, Кыргызстандын бийик тоолуу жайыттарын, О. Азиянын геоботаникасын, топурагын, а. ч-сын, агроклиматын ж-а физ. географиясын изилдейт. СССРдеги чөлдөрдү изилдөөнү башкарат (1930—1937). О. Азияда, Казакстанда, Дагстанда ж. б. жерлерде экспериментик ж-а комплекстүү стационардык изилдөөлөрдү уюштурган. О. Азия тоолорунун ландшафттык зоналарын классификацияларган, О. Азия м-н Казакстанды табигый жактан райондоштурун, алардын табигый-чарбалык аймактарын ажыраткан.

АБОЛИЦИОНИЗМ (лат. abolitio — жоготуу, алып таштоо) — 1) кандайдыр бир законду жокко чыгаруу үчүн болгон коомдук кыймыл. 2) 18—19-к-да негрлер кулчылугун жоюу үчүн АКШда өөрчүгөн кыймыл. Кулчулуктан кутулуу үчүн негрлер кубаттуу көтөрүлүштөр (1800, 1831) чыгарышкан. А. кыймылы, Амер. кулдукка каршы күрөшүү коому түзүлгөндөн (1833) тартып, уюмдашкан түрдө жүрө баштаган. *АКШдагы Граждандык согуштун (1861—65)* натыйжасында А. Линкольндун өкмөтү козголоңго катышкан кул негрлерди жер ыйгарбай азат кылуу актысын кабыл алган. Бирок Гражд. согуш амер. негрлерге чыныгы азаттык берген

эмес. 3) 18—19-к-да Бат. Европа өлкөлөрүндө колониялардагы кулчулукту жоюу үчүн кулач жайган күрөш.

АБОНЕМЕНТ (фр. abonnement) — белгилүү мөөнөткө чейин бир перседен пайдалануу укугу; китепканадан китеп, театрдан, стадиондон, бассейндин ж. б-дан орун алуу ж-а ошолордон пайдалануурга акылуу кылган документ.

АБОНЕНТТИК ТЕЛЕГРАФТОО — абоненттер (үйлөмдөр, мекемелер, ишканалар) өз ара түздөн-түз жазуу жүзүндө эки тараптуу кабар алышуучу электрдик байланыштын бир түрү. А. т-до телеграмманы кабыл алуу, жөнөтүү, адрес б-ча жеткирүү иштеринин ордуна жазуу жүзүндө кабар алышуу тездетилип, бир эле телефон каналы (жыштыктуу телеграфтоодо) аркылуу көп сандаган телеграфтык кабар берилет. Байланыш жүргүзүүдө кол м-н (АТР) ж-а автоматтык түрдө (АТА) иштетилүүчү системалар колдонулат. Абонентте болсо өзү жооп берүүчү же чакыруучу прибору бар стартстоп телеграф аппараты болот. Булар көш зымдуу телефон кабели аркылуу станция м-н бириктирилет.

АБОНЕНТТИК ТЕЛЕФОН ЛИНИЯСЫ — абоненттик телефон аппаратын телефон станциясы м-н байланыштыруучу линия. А. т. л-да колдонулган кабелдер магистралдуу ж-а бөлүштүрүүчү участкалардан турат. Магистраль кабелдери телефон станциясынан бөлүштүрүүчү шкафка чейин жердин асты м-н өткөрүлөт. Бөлүштүрүүчү кабелдер бөлүштүрүүчү шкаф м-н ар бир түйүндөгү таратуучу кутуну байланыштырып, андан ары *телефон аппаратына* бир түгөйлөп кабель таратылат.

АБОРИГЕН МАЛ — белгилүү бир аймактагы, же өлкөдөгү жергиликтүү мал. А. мал өзүнө чөйрөнүн климаттык ж-а чарбалык шартына байырлашып, жекече өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланат. Мис., кыргыз жылкысы бийик тоо шартына мыкты көнүгүп, жем-чөптү көп талап кылбай, үйүрдө багууга ыңгайлашкан. Ал чымыр, бирок мукур, кунарсыз болот. Ошондуктан асыл тукум иштин негизинде жерг. малдын бир нече жакы породалары чыгарылды. СССРде уйлардын холмогор, ярославль, истобо, калмак ж. б. породалары түзүлдү. Кыргызстанда ала-тоо ую, кыргыз уяң жүндүү, тянь-шань чала уяң жүндүү койлору, кыргыз жакы жылкысы бар.

АБОРТ, бойдон түшүү — бойго бүткөндөн кийин түйүлдүктүн 28 жумага жетпей түшүп калышы. Эгер А. 16 жумага чейин болсо — эрте, 16 жумадан 28 жумага чейин болсо, кечиккен А. деп аталат. А. өз алдынча же жасалма жол м-н жүргүзүлөт. Эненин ж-а түйүлдүктүн ар кандай оорулары А-ко себеп болот. А-ту көбүнчө энедеги төмөнкү оорулар пайда кылат: жугуштуу ич ж-а *баш келте, безгек, кызамык, өпкөнүн сезгенүүсү, грипп,* когон жара, *учук, бруцеллёз, токсоплазмоз, гипертония,* бөйрөк, жүрөк ж-а ички бездердин оорулары ж-а сыман, бензин, никотин, марганец, ичкилик м-н уулануу, өпө м-н түйүлдүк кандарынын эң келишпөөсү (резус-фактор). А. башталганда, аялдын бели, ичи ооруйт ж-а кан кетет, мындай учурда оорукана-га жаткыруу керек. Дарылоо натыйжасында А. токтолуп калышы да мүмкүн. Көп кан келгенде, көш бойлуулукту сактап калууга болбойт. Бул учурда инфекция таралбаш үчүн ж-а кан келүүнү токтотуш үчүн хирургиялык кийлигишүү талап кылынат. А-тун выяндуулугун эске алып, баланы каалабаган аялдар үчүн боюна бүтүрбөө чаралары сунуш кылынат. Элдердин маданий деңгээлинин, баланын төрөлүшүнүн ж-а өлүм табигый өсүшүнүн жогорулашын эсепке алып, 1955-ж. 23-ноябрда СССР Жогорку Советинин Президиуму «Абортко тыюу салууну алып таштоо жөнүндө» Указ жарыялаган. Бул Указга ылайык, А. ооруканаларда аялдардын каалоосу б-ча 12 жумага чейин гана жүргүзүлөт. Эгерде көш бойлуулук аялдын ден соолугуна ж-а балага зыян келтирсе, 12 жумадан кийин да жасоого уруксат берилет. А-ту ооруканадан сыртқары мед. билими болбогон адам же врач жүргүзсө, законсуз деп табылат, А. жасагандар жоопко тартылат.

АБРАЗИВДИК ИШТЕТҮҮ — металл, айнек, жыгач ж. б. материалдарды абразивдүү аспаптарды пайдаланып мех. жол м-н иштетүү. А. и-го булар кирет: сүргүлөө, жылмалоо, кыруу, жалтыратуу жумуштары, к. *Абразивдүү материалдар, Абразивдүү аспаптар.*

АБРАЗИВДҮҮ АСПАПТАР — катуу материалдарды ж-а пластмассаларды иштетүүдө колдонулуучу *абразивдүү материалдардан* жасалган аспаптар. А. а. катуу (жылмалоочу тегерек, бөрк, сегмент, кайрак) ж-а ийилчээк (жануур; тасма ж. б.) болуп бөлүнөт. А. а. негизинен электрокорунд, кремний карбиди, жасалма ж-а табигый алмаздан жасалып, алардын кесүүчү абразивдүү бүртүкчөлөрүн бириктирүүдө керамика, бакелит, силикат ж-а магнезий пайдаланылат. А. а-дын 12 мицге жакын түрү чыгарылат. А. а-га кошулган алмаздын өлчөмү (1 *мм*^{3} көлөмдөгү алмаз) — анын негизги көрсөткүчү. Алмаз 100% кошулганда, 1 *мм*^{3} катмарда 0,878 *мг* алмаз болот. Мис., жылмалоочу тегеректин составына 25—200% ке чейин алмаз кошулат.

АБРАЗИВДҮҮ МАТЕРИАЛ — *абразивдүү аспаптар* жасалуучу өтө катуу майда бүртүкчүү зат. Абр. м-дар табигый (алмаз, корунд, чарык таш, гранит, талаа шпаты, пемза) ж-а жасалма (электрокорунд, карборунд, бор карбиди, жасалма алмаз, монокорунд) болуп бөлүнөт. Алар катуулугу, бекемдиги, кыруу-жылмоо иштерине чыдамдуулугу, бөлүкчөлөрүнүн формасы, өлчөмү ж-а саны м-н мүнөздөлөт. Абр. м-дын катуулугу анын бетине алмаз пирамидасынын калтырган изинин саны м-н аныкталат. Жасалма Абр. м-дар колдонулган аспаптардын миздери жука келип, жука катмарлап кырып-жонууга мүмкүндүк берет. Алардын өтө катуулугунун натыйжасында кыруу-жонуу иштери ылдамдатылып, эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулайт, к. *Абразивдүү аспаптар.*

АБРАЗИЯ (лат. abrasio — кыруу, жылмоо) — дениздеги, көлдөгү ж-а ири суу сактагычтарда толкун м-н шарпылдактын таасиринен жээктердин жемирилип бузулушу. А-нын тездиги толкундун күчүнө, жээктеги тоо тектердин составына байланыштуу. А-нын тездиги толкундун күчүнө, жээктеги тоо тектердин составына байланыштуу. А-нын натыйжасында жээкте абразиялык тектир м-н жар (клиф) түзүлөт (к. схема). Айрым



Ж — Жар (клиф); АТ — Абразиялык тектир; АК — Аккумуляциялык кашат; СД — Суу децгээли.

учурда жээк жемирилип отуруп кашаты тегизделип, жайык формага өтөт. Тоо тектердин А-дан пайда болгон кесек сыныктары, кум, чопо ж. б. толкун м-н шиленип, суу түбүндөгү А-лык жантаймалардын этегине чогулуп, аккумуляциялык кашатты пайда кылат.

АБРАЗИЯЛЫК ТЕКТИР, бенч — абразия процессинен пайда болгон жээк тектири. Байыркы А. т. дениз деңгээлинен жогору же суу астында жатышы ыктымал. Ал, мис., Кыргызстанга чектеш Ангрен тоолорунда кезигет.

АБРАМЗОН Саул Менделевич (1905-ж. т., Орловск губ., Дмитровск ш.) — советтик этнограф, тарых илимдеринин доктору (1968). 1927-жылдан КПССтин мүчөсү. ЛГУну бүтүргөн (1926). 1926-ж. Кыргыз автоном. облнын музейинин башчысы. А. 1927-ж. Кырг-нда Край таануу музейин ж-а 1928-ж. Кыргыз АССР ЭКСтин алдындагы Край таануу б-ча алгачкы илим-изилдөө мекемесин уюштурууга катышкан. 1931-ж. чейин Кырг-н маданий курулуш ин-тунун директору. 1931-жылдан СССР ИАнын Этногр. ин-тунун Ленинграддагы бөлүмүндө старший илимий кызматкер, кийин анын сектор башчысы. А-дун катышуусу м-н Кырг-нда бир катар этногр. экспедициялар жүргүзүлгөн. А-дун эмгектеринде негизинен кыргыз элинин этнографиясынын дээрлик бардык маселелери изилденген. А-дун көп жылдык изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланышы» (1971) деген китебинде жыйынтыкталган. Бул фактыларга ж-а илимий жалпылоолорго таянган эмгегинде автор ийгиликтер м-н бирге айрым методологиялык ж-а идеялык кемчиликтер кетирген. А. Кыргызстанда этнография илиминин өсүп-өнүгүшүнө ж-а кыргыздын этнограф-кадрларын даярдоого чоң көмөк көрсөткөн. А. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Очерки культуры киргизского народа, Фр., 1946; Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи, Л., 1971.

Аб.: Усубалиев Т. У., Интернациональное воспитание трудящихся, М., 1974.

АБРАМОВ Алексей Фёдорович (1925-ж. т., Башкырт АССРи, Даниловка с.) — Даңк орденинин толук кавалери. 1936-жылдан Кырг. ССРинин Көк-Жаңгак ш-да жашаган. 1943-ж. Сов. Армияга чакырылып, Улуу Ата Мек. согушта Смоленск, Ржев, Витебск ш-лары, Нарев плацдармы үчүн болгон уруштарга, Данциг м-н Кёнигсбергди алууга катышкан. Согуш майданында көрсөткөн эрдиги үчүн А. 3-ж-а 2-даражадагы Даңк орденин алууга татыктуу болгон. Эльбага жакынкы салгылашуудагы А-дун эр жүрөктүүлүгү жогору бааланып, ал 1-даражадагы Даңк ордени м-н сыйланган. Согуштан кийин Көк-Жаңгак ш-на кайтып келип, шахтёрлук кесибин кайра улантып жатат. Медалдар м-н да сыйланган.

АБРАМОВ МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түш. капталындагы мөңгү. Уз. 9 *км*, туурасы 500—1000 *м*, калың. 40—170 *м*. Кар сызыгы 4200—4250 *м* бийиктикте, этеги 3620 *м* ге чейин түшөт. Татаал өрөөн мөңгүлөрүнүн тибине кирет. Эл аралык программа б-ча 1-даражадагы байкоолор жүргүзүлө турган СССРдин аймагындагы мөңгүлөрдүн катарында. Ташкендеги гидрометеорол. пл. из. ин-тунун (САРНИГМИ) окумуштуулары тарабынан көп жылдан бери изилденүүдө. 1972-ж. кескин түрдө алдыга жылган. Окумуштуулардын ою б-ча мындай жылыштар мөңгүдө ар 10—11 жылда кайталанып турат. Андан Кызыл-Суунун оң куймасы Көк-Суу башталат.

АБРИКОСОВ Алексей Иванович [6 (18). 1. 1875—9. 4. 1955] — советтик патолог-анатом, СССР ИАнын (1939) ж-а СССР мед. ИАнын (1944) академиги, Соц. Эмг. Баатыры (1945). 1939-жылдан КПССтин мүчөсү. 1899-ж. Москва ун-тин бүтүргөн. Москва ун-тинин мед. ф-тетинин профессору (1920—1953). СССР мед. ИАнын Нормалдуу ж-а патологиялык морфол. ин-тунун директору (1944—51). Эмгектери негизинен өпкөнүн туберкулёзуна, симпатикалык перв түйүндөрүнүн патологиялык анатомиясына, булчуң шишиктерине жа аллергиянын морфологиясына арналган. Польша ИАнын мүчө-корр-ти, СССР Мамл. сыйлыгынын лауреаты (1942). Эки Ленин ордени ж-а Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

АБРИС (нем. Abriß — сызуу) — 1) контурдун же персеннин сызыктуу сүрөттөлүшү; 2) талаада жүргүзүлүүчү геод. жумуш мезгилинде түшүрүлгөн жердин схемалык чиймеси. Анда жер бетиндеги айрым перселердин өз ара орун алышы, алардын бири бирине алыстыгы ж. б. чөнөөлөр көрсөтүлүп, талаада кол м-н болжолдонуп түзүлөт. А. белгилүү бир жердин планын түзүүдө колдонулат.

«АБРСКИЛ» — абхаз элинин баатырдык эпосу. Эпосто Абрскил баатырдын элин сүйгөндүгү, теңдик ж-а бакыт үчүн күрөшү көрсөтүлөт. Абрскилди жек көргөн кудай перштелерин жиберип, аны чыңырлатып, үңкүрдөгү темир мамыга байлатып коёт. 19-к-дын 70-жылдарынан тартып «А-дин» түрлүү варианттары жазылып, орус тилинде жарылана баштаган.

АБРУЙ — Төмөнкү Согданын (азыркы Бухара обл.) аймагында болгон калк көтөрүлүшүнүн жетекчиси, к. *Абруй көтөрүлүшү.*

АБРУЙ КӨТӨРҮЛҮШҮ — 6-к-дын 80-ж-дарында төмөнкү Согда (азыркы Бухара обл.) аймагында бай дыйкандар м-н соодагерлерге каршы чыккан көтөрүлүш. Аның башында Абруй (С. П. Толстов аны 581—84-ж. козголоң чыгарган түрк ханзаадасы Абболсо керек дейт) турган. Бухара тарыхчысы Наршахинин маалыматы б-ча, Абруй Пайкенд аймагын басып алган. Ошондон кийин бай дыйкандар Жети-Сууга качып барышып түрк ханы Карачурининден жардам сурашкан. 585-ж. чамасында А. к-н Карачурин-дин колу басып, Абруй өлтүрүлгөн.

АБСЕНТЕИЗМ (лат. absentia — катышпоо) — шайлоочунун шайлоодо добуш берүүгө катышуудан баш тартышы. Бул бурж. мамл-терде кеңири таралган көрүнүш. А-ге жол бербес үчүн, Италия, Бельгия, Греция сыяктуу капит. өлкөлөрдө шайлоодо милдеттүү түрдө добуш берүү закону киргизилип, добуш бергенден баш тарткандыгы үчүн, шайлоочуга штраф салынат.

АБСОЛЮТИЗМ (лат. absolutus — көз каранды эмес, чексиз) — абсолюттук, чексиз монархия. А. тушунда мамл. бийлик бүт бойдон императорго, королго, падышага, ханга, шахка таандык. А. феодализмдин бузулушунун ж-а капит. мамилелердин пайда болуу мезгилинде келип чыгып, дворян-феодалдар табынын диктатурасынын ачык, акыркы формасы болуп саналат. А. капит. мамилелер калыптана баштаган кезде (Бат. Европада 15—16-к-да, Россияда 17-к-дын аягында), сословиелик монархиянын ордун баскан. 17—18-к-да алгачкы бурж. революциялар А-ди кулатып, конституциялык бурж. монархияны (Англияда) же бурж. респ-каны (Францияда) орнотқон. Көп бир өлкөлөрдө А. феодализмдин жалдыгы катарында 20-к-га чейин сакталып келди. Мис., Россияда

А. (самодержавие) 1917-ж. бурж. демокр. февр. рев-яның, Бухара м-н Хивада 1920-ж. элдик рев-яның, Түркияда 1922-ж. улуттук-бошт. күрөштүн натыйжасында кулады.



А. Ф. Абрамов.

АБСОЛЮТТУК АКЫЙКАТ, к. *Акыйкат.*

АБСОЛЮТТУК БИЙИКТИК, абсолюттук белги геодезияда) — океандын орточо деңгээлинен жер бетиндеги кандайдыр бир чекитке чейин тик сызык б-ча ченелген аралык; бул нивелирлөө м-н аныкталат. СССРде А. б. Кронштадттагы (Балтика дең.) футштоктун (белүүчөлөнгөн рейка) нол цифрасынан баштап эсептелет.

АБСОЛЮТТУК БИРДИКТЕР — абс. бирдиктер системасындагы өлчөөнүн чен бирдиктери. Электр техникасында «А. б.» деген термин айрым учурларда МКСА системасындагы чондуктарга карата колдонулат.

АБСОЛЮТТУК ГЕОЛОГИЯЛЫК ЖАШ, к. *Геологиялык жыл эсеби.*

АБСОЛЮТТУК ЖЫЙНАЛУУЧУЛУК — катарлардын ж-а интегралдардын жыйналуучулугунун түрү. Эгерде абс. чондуктардан түзүлгөн $|U_1|+|U_2|+\cdots+|U_m|+\cdots$ катары жыйналса, анда $U_1+U_2+\cdots+U_m+\cdots$ сан катары абс. жыйналуучу деп аталат. А. ж. ж-а шарттуу жыйналуучулук ж-догу түшүнүктөр. О. Кошинин (1833), П. Дирихленин (1837) ж-а Б. Римандын (1864) матем. анализди негиздөөдөгү эмгектеринде иштелип чыккан. Абс. жыйналуучу катарлардын касиеттери чектүү суммалардын касиеттерине окшош, ар кандай абс. ж. катар жыйналат ж-а анын суммасы катардын мүчөлөрүнүн жайгашуу тартибине көз каранды эмес. Шарттуу жыйналуучу катарлар үчүн акыркы касиет орундалбайт. Эгерде

$$I=\int_0^{\infty} f(x)dx \quad \text{м-н катар} \quad \int_0^{\infty} |f(x)|dx$$

жыйналаса, анда I абс. жыйналуучу интеграл деп аталат.

АБСОЛЮТТУК ИДЕЯ — объективдүү идеализмдин филос. системаларындагы башкы түшүнүктөрдүн бири. Мис., *Гегелдин* системасында А. и. деген бүт көрсөнүш уюткусуп, жогорку синтезин туюндурат, ал эми табият м-н дух А. и-ның туундусу деп эсептелет. А. и.— диалек. ж-а тарыхый материализмге жат түшүнүк.

АБСОЛЮТТУК КАРА НЕРСЕ — ар кандай темп-радагы нур агымын аның спектрдик составына карабастан толук бойдон өзүнө жутуп алуучу нерсе. А. к. н-нин жутуу коэффициенти бирге барабар. Жаратылышта А. к. н. жок. Көө ж-а кичинекей көзөнөгү бар жарык өткөрбөгөн ич

көңдөй түюк идишти А. к. п-ге жакын деп элестетүүгө болот. Мындай көзөнөккө келип түшкөн жарык идиш ичинде көп жолу чагылып толук жутулат. А. к. п. ысытылган бардык перселердей эле электр-магниттик нур чыгарат да, анын спектрдик составы жалаң гана нерсенин темп-расына көз каранды. Бул көз карандылыкты байланыштырган бир катар закондор бар (Вин, Стефан-Больцман ж-а Планктын закондору).

АБСОЛЮТТУК КАТАЛЫК, к. *Каталык.*

АБСОЛЮТТУК НӨЛ — абс. темп-раны жө темп-раны Кельвин шкаласы б-ча эсептөөнүн башталышы (суунун үчтүк чекитинен 273,16°С төмөн жаткан чекит). А. п-го жакындаганда, гелийден башка заттардын бардыгы катуу абалга өтүп, алардын атому ж-а молекулалары эң аз жылуулук энергиясына ээ болот. Нерсттин принциби б-ча ар кандай жол м-н нерсенин бардык жылуулук энергиясын андан бөлүп алууга болбойт. Демек, нерсени А. п-го чейин муздатууга мүмкүн эмес. Илим ж-а техниканын өнүгүшүнүн натыйжасында бара-бара А. п. темп-расына жакындоого мүмкүндүктөр пайда болууда. Азыркы кезде А. п-дөн градустун млн-дон бир үлүштөрүнө гана айырмаланган темп-ралар алынууда.

АБСОЛЮТТУК НЫМДУУЛУК — абанын 1 $м^3$ көлөмүндөгү суу буусунун өлчөмү. Ал $г/м^3$ м-н туюнтулат; атмосферада 0,1—1,0 $г/м^3$ дан (кышкысын материктердин үстүндө, уюлдук кеңдиктерде) 30 $г/м^3$ га чейин, кээде андан да жогору (экватордук зонада) болот, к. *Абанын нымдуулугу.*

АБСОЛЮТТУК ӨЛЧӨӨ — өлчөнүүчү чоңдуктун сан маанисинин белгилүү бир бирдикте туюнтулушу. Мис., узундук — *м.*, күч — *дина*, ток күчү — *а.*

АБСОЛЮТТУК РЕНТА — капит. жер рентасынын формасы. А. р.— а. ч-дагы жалданма жумушчулар өндүрүүчү, бирок жерге жеке менчик монополиясы болгондуктан, жер ээси алуучу кошумча наркты бир бөлүгү. Жер ээси өз жерин арендалык акыга пайдалануурга берет. Жерди арендага алган капиталист бардык жерден жогорку пайданы өндүрөт. Ал А. р. түрүндө жер ээсине берилет да, арендалык акынын бир бөлүгүн түзөт. Мындай жогорку пайданы алууга о. ж-на караганда а. ч-да капиталдын орг. составынын төмөн болушу мүмкүндүк берет. А. р. начар жерден өндүрүлгөн а. ч. продукциясынын коомдук наркы м-н өндүрүштүн коомдук баасынын айырмасынан түзүлөт. А. р. капит. өндүрүш жолунун экон. категориясы катары капит. коомдун негизги үч табынын — жер ээлөөчүлөрдүн, а. ч-дагы капиталист-ишкана ээсинин ж-а жалданма жумушчулардын өндүрүштүк мамилесин көрсөтөт. А. р. жер алынган (начарынан да, жакшысынан да) алынып, рынок баасы начар алынган өндүрүлгөн продукциянын наркына байланыштуу белгиленгендиктен, а. ч. товарларынын баасы жогорулайт. А. р. ошол продукцияны сатып алуучу эмгекчилердин турмушун жакырлантат. Социализм тушунда жер жалпы элдик менчикке айлангандыктан, А. р. болбойт.

АБСОЛЮТТУК ТЕМПЕРАТУРА — башталышы суунун үчтүк чекитинен (же муздун эрүү темп-расынан) 273,16°С го төмөн жаткан абс. нөлдөн эсептелген температура. Англ. окумуштуу Кельвин киргизген (1848) темп-ранын бул абс. шкаласы кээде «Кельвин шкаласы» деп аталат. А. т. Цельсий б-ча аныкталуучу темп-ра м-н $T=t+273{,}16$ туюнтмасы аркылуу байланышат. Нерсени эч убакта абс. нөлдөн төмөн муздатууга болбойт.

АБСОЛЮТТУК ЧОҢДУК — эгерде берилген сан чыныгы оң сан болсо, ошол сандын өзүнө, терс болсо, аны карама-каршы белгиде алынганына ж-а нөл болсо, нөлгө барабар болгон сан. a нын А. ч-гу $|a|$ түрүндө жазылат. Мис., $|+5|=|-5|=5$; Комплекстүү $a+bi$ санынын А. ч. $|a+bi|=\sqrt{a^2+b^2}$.

АБСОРБЦИЯ (лат. absorptio — соруу, сиңирүү) — суюктуктардын газ аралашмасынан заттарды сиңирип алышы. Газды жө суюктукту жутуучу зат абсорбент деп аталат. А. процессинде газды жө суюктукту абсорбент (сиңирүүчү зат) бардык көлөмүнө сиңирет. Көп учурда сиңүүчү зат м-н сиңирүүчү заттын ортосунда хим. реакция жүрөт. Басымдын жогорулашы ж-а температын төмөндөшү А-ны күчөтөт. Өнөр жайда азот, туз, күкүрт к-таларын алуу, газдарды эыяндуу аралашмалардан бөлүү ж. б. А-га негизделген.

АБСОРБЦИЯЛЫК МИКРОСКОПИЯ — клеткалардын ички структурасынын жарыкты тандап сиңириши б-ча микроскоп м-н жаныбарлардын ж-а өсүмдүктөрдүн клеткаларынын түзүлүшүн, хим. составын үйрөнүү методу. Ультра кызгылт көк нурларды нуклеин к-таларынан, белок ж-а витаминдерден туруучу топтор, көзгө көрүнүүчү нурларды пигменттер сиңирип алат. Микропрепаратты нур аркылуу жарыктандыруу м-н анын белгилүү заттарды сиңирүүчү болүгүндө ошол заттардын клетка ж-а структуралык түзүлүштөр б-ча таралышын байкоого болот. Клетка структурасынан өтүп чыккан шоола агымынын басаңдашына карай ошол шооланы сиңире турган заттын тыгыздык даражасын аныктоого болот.

АБСТРАКТТУУ ИСКУССТВО, абстракционизм, предметсиз искусство — сүрөттө, скульптурада ж-а графикада кадимки нерселерди окшоштуруп берүүдөн атайын баш тарткан, негизинен капит. өлкөлөрдөгү иск-во агымы. А. и-нун мазмуну *«искусство искусство үчүн»* деген идеалисттик концепцияга, «чексиз эркиндикке» курулай умтулууга, о. эле художниктик дүйнөнү субъективдүү чагылдыруу далалатына негизделет. А. и., иск-во 20-к-да бир нече агымга (кубизм, экспрессионизм, футуризм ж. б.) бөлүнүп жаткан учурда, пайда болгон. 1910—13-жылда Германияда иштеген экспрессионисттер В. В. Кандинский ж-а П. Клес, париждик Р. Делоне, испаниялык Ф. Пикабия, чех Ф. Купка, Россиядан К. М. Малевич ж. б. абстрактуу скульптуранын экспериментине кайрылышкан. 2-дүйнөлүк согуштун жылдарында АКШда «абстрактуу экспрессионализмдин» багыты пайда болуп, ал согуштан кийин кээ бир соц. өлкөлөрдүн (Польша, Югославия, Чехословакия) иск-восуна таасирин тийгизген. А. и. көркөм агым катары өз позициясын барган сайын бошондотууда.

Ад.: Лебедев А. К., К спорам об аб-



Абстрактуу искусство. В. В. Кандинский. «Восток». 1913, Амстердам, шаардык музей.



Авиация макаласына. 1. «Илья Муромец». 2. По-2. 3. АНТ-2. 4. Ил-2. 5. Як-3. 6. Ла-7. 7. Канатынын геометриясы өзгөрүүчү самолёт. 8. АНТ-25. 9. Як-40. 10. Ка-18. 11. Пе-8. 12. Ми-10.



Авиация макаласына. 1. Ил-62. 2. МиГ-21. 3. Ту-154. 4. МиГ-15. 5. Каравелла (Франция). 6. Боинг-707 (АКШ). 7. Ту-16. 8. Ту-134. 9. Ан-22 («Антей»). 10. Ту-144.



Австралия макаласына. 1 — өрдөк тумшук; 2 — баштыкчан көр чычкан; 3 — ехидна; 4 — динго. 5 — даракчы кенгуру; 6 — проехидна; 7 — баштыкчан аюу; 8 — баштыкчан кашкулак; 9 — лира куйрук; 10 — гоби бейиш чымчыгы; 11 — эму; 12 — австралия бадал тоогу; 13 — баштыкчан карышкыр; 14 — чоң кенгуру; 15 — корелла тоту куш; 16 — вомбат; 17 — зор чабакчы чымчык; 18 — түрпү бүт; 19 — баштыкчан суусар; 20 — баштыкчан чычкан; 21 — баштыкчан секирме чычкан; 22 — тикендүү кескелдирик; 23 — баштыкчан кускус; 24 — кара какаду; 25 — баштыкчан кумурскачы; 26 — инка какаду; 27 — чарбак чымчык; 28 — казуар; 29 — балчы; 30 — ири бейиш чымчыгы; 31 — папуас чочкосу; 32 — алка жакалуу кескелдирик; 33 — кара куу.















Автомобиль макаласына. 1. «Волга» ГАЗ-24. 2. «Жигули» ВАЗ-2103. 3. ГАЗ-69АМ. 4. ЗИЛ-18. 5. ЛАЗ-699А. 6. МАЗ-535А. 7. БелАЗ-540А. 8. ЗИЛ-130.

стракционизме в изобразительном искусстве, М., 1967.

АБСТРАКТТУУ ЭМГЕК, к. *Товар.*

АБСТРАКТТУУЛУКТАН КОНКРЕТТУУЛУККО ӨТҮҮ — абстракттуу таанып-билүүдөн конкреттүү таанып-билүүгө өтүү да чындыкты изилдөөнүн методу. Бул методду колдонуу убагында көп логикалык жолдор (анализ, синтез, индукция, дедукция, аныктоо, жалпылоо д. у. с.) абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүү процессинин моменттери катары пайдаланылат. Изилдөөнүн бул жолун жалпы формада биринчи жолу Гегель колдонгон, бирок Гегель абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүүнү чындыктын теориялык методу деп түшүнбөй, ойдун өзүнөн өзү өнүгүшүнүн патыйжасында объективдүү конкреттүүлүктүн, жеңекей персенин пайда болушу деп түшүнгөн. К. Маркстын пикири Гегелге карама-каршы. Чындыкты илимий таанып-билүү процесси диалек. жактан өз ара байланышкан. Ал өз ара болжолдоо жолдору м-н: айрымдан жалпыга, абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүү жолу м-н иш жүзүнө ашырылат. Таанып-билүү процессиндеги абстракттуулук изилдөөнүн баштапкы — алгачкы этабы болсо, ал эми конкреттүүлүк анын жемиши, жыйынтыгы, болжолдуу бүтүшү болуп эсептелет. Эгерде абстракттуулук коом, жаратылыш ж-а духовный дүйнө ж-дө биздин билимибиз толук эмес, үстүртөн экендигин көрсөтсө, конкреттүүлүк биздин билимибиз акырындап толукталып, тереңден бара жатканын белгилейт. А. к. ө. процесси дегенибиз таанып-билүүнүн объектинин сыртқы жагынан ички жагына, формадан мазмунга, кубулуштан маңызга, маңыздын биринчи тепкичинен өтө терең — экинчи, үчүнчү ж. б. тепкичтерине карай өнүгүшү дегендикке жатат. Изилденип жаткан персе, кубулуш ж-а процесс бүтүн бойдон өз составдык бөлүкчөлөрүнө толук ажыратылбастан, жалпы жонунан алынса, изилдөөнүн конкреттүү стадиясында объект өзүнүн составдык элементтерине бөлүнүлөт да, алардын ортосундагы тыгыз байланыштар, өз ара көз карандылыктар аныкталат.

АБСТРАКЦИЯ (лат. abstractio — бөлүү, ажыратуу) — перселердин же кубулуштардын конкреттүү касиеттеринен ж-а байланыштарынан ой аркылуу алыстап, алардын негизги, жалпы жактарын көрсөтүүчү таанып-билүүнүн илимий формасынын бири. Таанып-билүү процесси сезүү, туюу ж-а эске салуудан башталып, А-лык ойлоого (түшүнүк, ой-жүгүртүү ж-а тыянак чыгаруу) өтөт да, андан практикага келет. А.— таанып-билүү процессинин эң татаал жогорку баскычы. Ал объектинин (предмет, персе, кубулуш, процесс ж. б.) өзгөчөлүктөрүн (касиеттери, белгилери, байланыштары, катнаштары ж. б.) анализдөөдө эки топко бөлүнөт: а) ички, башкы, жалпы, зарыл, тексиз, закон ченемдүү, кайталанып турган ж. б.; б) сырткы, негизги эмес, айрым, жекө, кокус, кайталанбаган. Алсак, адам баласынын көп түрдүү сапаттарынын ичинен биринчи тобуна жалпы адамзатка тийиштүү жактары (тил, ойлоо, ач-сезим, коомдук эмгек киргизе), экинчисине айрым алынган конкреттүү кишиге таандык (ар бир кишинин керт башына мүнөздүү ж-а кайталанбаган өзгөчөлүктөрү бар) жактары кирет. А-нын күчү м-н гана перселердин, кубулуштардын ж-а процесстердин сапаттык өзгөчөлүктөрүнүн, касиеттеринин экинчи тобун алардын биринчи тобунан ажыратып алууга болот. Ушундай жол м-н жаратылыштын, коомдун ж-а ойлоонун өнүгүшүнүн ички сырын, маңызын, закондорун ж-а закон ченемдүүлүктөрүн ачып, илимий түшүнүктөрдү, категорияларды, *теоремаларды, аксиомаларды, гипотезаларды, теорияларды* негиздешет. Бул А-нын объективдүү мазмуну бар экендигин, ал материалдык дүйнөнүн жалпы гана жактарынын адамдын ойлоосунда, ач-сезиминде чагылдыраарын, ошонун негизинде объективдүү дүйнөнү терең, толук үйрөнүп, чындыкты ачууга ж-а адамдардын жаратылыш м-н коомго болгон үстөмдүгүнүн даражасын арттырууга мүмкүндүк берет. А-нын чыныгы маанисин түшүндүргөн В. И. Ленин болгон. Ал А. ж-дө мындай деп жазат: «Материянын, жаратылыш законунун абстракциясы, наркътын абстракциясы ж. б. ушул сыяктуу, кыскасын айтканда, бардык илимий (туура, анык, жалган эмес) абстракциялар жаратылышты тереңирээк, туурараак, толугураак чагылтып көрсөтүшөт» (Ленин В. И. Чыг., кырг. 1-бас., 38-т., 178-б.). Марксисттик философиянын негиз салуучулары А-ны материалисттик диалектиканын негизинде түшүндүрүп, «конкреттүүлүктөн абстракттуулукка өтүү» ж-а «абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүү» деген диалек. таанып билүү жолдорун негизден беришти.

Ад.: Горский Д. П., Вопросы абстракции и образования понятий, М., 1961; Розов М. А., Научная абстракция и ее виды, Новосиб., 1965.

АБСТРАКЦИЯ АРКЫЛУУ АНЫКТОО — объектинин түздөн-түз кабыл алынбас касиеттерин билүүнүн (абстракциялоонун) жолу, мис., товарлардын алмашылышынын негизинде алардын *наркынын* абстракттуу касиетин билишет; о. эле метод м-н сан ж-дөгү жалпы абстракттуу түшүнүктү иштеп чыгышат, бул перселердин, кубулуштардын ж-а процесстердин касиеттери А. а. а-дон пайда болот дегендикке жатпайт, анткени алар объективдүү жашайт. А. а. а-нун негизин белгилүү логикалык закон — абстракциянын принциби түзөт.

АБСТРАКЦИЯ ПРИНЦИБИ — абстракция аркылуу аныктоонун негизин түзгөн логикалык принцип. Бул принциптин талаптарына ылайык объектилердин чогундусунда аныкталган тең барабардык тибиндеги катнаштарга таянып, мындай объектилердин чогундусун жуп-жубу м-н алганда, бири бири м-н кесилишпей турган класстарга ажыратууга болот. Аны абстракттык класстар деп аташат. Мис., абстракттуу класстарга жер шарындагы адамдарды киргизишет. Абстракттуу класстар өзгөчө касиеттер, белгилер м-н мүнөздөлөт же тескерисинче, окшош белгилерге ээ болгон абстракттуу класстар тең барабардык катнаштыкта турат. А. п. белгилүү касиеттери бар «абстракттык объект» тууралуу жобону жактагандыктан, аны көптүктүн классикалык теориясынын абстракция ж-догу теоремаларынын бири катары изилдешет.

АБСЦЕСС (лат. abscessus — чектелген ириң тебүү) — ткандар ириңден сезгенгенде пайда болчу ириңдүү көндөй. Бул көбүнчө тери астындагы май кыртышында, булчуң этте, сөөктө же башка органдарда (боор, өпкө, мээ ж. б.), же алардын арасында (ичегилер арасында, боор эттин астында) пайда болушу мүмкүн. А. өзүнчө же айрым оорулардын (өпкөнүн сезгенүүсү, жарадар болуу) кабылдоосунан да болот. А. пайда болушу ириңдүү микробдордун терминн; былжырлуу чел кабыкчалардын жараланган же башка ириңдүү жерлерден кан, лимфа аркылуу кирүүсүнө байланыштуу. А-ти организмдин коргонуу реакциясынан пайда болгон чел кап таза ткандан ажыратып турат. Ириң бир нече литрге жетиши мүмкүн. А. тери астына, былжырлуу чел кабыктарга жайгашканда, ал жер кызарып, шишип, ысып ооруп, денеенин темп-расы көтөрүлөт. А. органдарда болсо, алардын иштөөсү бузулуп, канда ак кан денечелери көбөйөт. А-тин кабы жукарын терининн сыртына, өпкөнүн аба түтүктөрүнө, ичегиге тешип чыкса айыгууга алып келет. А. ич же көкүрөк көндөйүнө жарылса, өмүргө коркунучтуу ооруларга (плеврит, перитонит) дуушар кылат. А-ти дарылоодо хирургиялык операция колдонулат.

АБСЦИССА (лат. abscissus — кесилген) — чекиттин декарттык координаталарынын бири, к. *Координаталар.*

АБУ БЕКР КЕЛЕВИ (1366-ж. өлгөн)—самаркандык кол өнөрчү; 1365—66-жылдагы Самарканда болгон сарбадарлар көтөрүлүшүнүн жетекчилеринин бири. Монгол ханы Ильяс-Хожанын 1365-ж. *Мавереннахрга* жасаган жортуулунда Самаркан эмирининн аскерлери жеңилип, шаардан качып кеткен. Ошондо Самаркандын А. башчылык кылган сарбадарлары (тажиче — дарга баш тоскондор) монголдорго каршы көтөрүлүп, аларды чегинүүгө аргасыз кылган. Самарканда бийлик сарбадарлардын колуна өтөт. Бирок качып кеткен эмир Хусаин сарбадарларды алдап, көтөрүлүш жетекчилерин, алар м-н бирге А-ну да даргага асып өлтүрөт да, Самарканда өз бийлигин кайра калыбына келтирген.

АБУ ДУЛАФ Мисъар ибн Мухалхил аль-Хазражий Янбуни, (10-к.) — түштүк аравиялык саякатчы, географ ж-а акын. 914—942-жылдар чамасында Бухарадагы саманилер эмиратынын ак сарайында кызмат кылган. Чыг. Түркстанга, Тибетке, Кытайга, Иранга ж-а Индияга саякат жасаган. А. Д-тын тарыхый географияга тиешелүү «Рисолат уль-аввал» («Биринчи Рисола») ж-а «Рисолат уль-ухра» («Экинчи Рисола») аттуу эмгектери бүткүл дүйнөгө белгилүү. Булардын биринчисинде кыргыздардын, кимактардын тарыхый географиясына тиешелүү илим үчүн баалуу маалыматтар бар.

АБУ НУВАС аль-Хасан ибн Хани аль-Хаками (747—762—813—815-ж. ченде) — араб акыны. Кедей үй-бүлөдө туулган. Өмүрүнүн көбүн Багдадда өткөргөн. Мусулман дининин шариатын бузгандыгы үчүн халиф аль-Аминдин буйругу б-ча түрмөгө камалган. А. Н. ислам динине чейинки бедуин поэзиясынын тематикасы м-н ыр өлчөмдөрүнөн баш тартып, биринчилерден болуп араб поэзиясын жаңылаган. Анын ырларында Ирандын тарыхый адамдары, фольклордук каармандары, зороастризмдин адатын ж-а салтын сүрөттөөлөр басымдуу. А. Н-тын чыгармалары Иран элдерин Халифаттын бийлигинен бошотуу мотивдерине бай.

АБУ ШАДИ Ахмед Заки (1892—1955) — араб (Египет) жазуучусу, филолог, котормочу, врач-бактериолог. Лондон ун-тинде окуган (1912—22). 1936-ж. Каирде «Аполло» аттуу адабий ийрим ж-а журнал уюштурган. Александрияда «Адаби» (1939) журналын чыгарган. 1946-ж. АКШга келгенден кийин, Нью-Йоркто түрдүү кызматтарда иштеген. Азия ин-тунда араб адабиятынын профессору болгон. Лирикалык касида, повесть ж-а ыр түрүндөгү драмаларды: «Таңкы шүүдүрүм» (1910), «Жаз көрүнүштөрү» (1933), «Туткундагы Ибн Зейдун» (1925) ж. б. жазган. Чыгыштын ж-а бат. европ. акындардын, Хафиз, Омар Хайям, У. Шекспирдин чыгармаларын которгон.

АБХАЗ АВТОНОМИЯЛУУ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ. Абхазия ГССРдин составында 1921-ж. 4-мартта АССР болуп түзүлгөн. Аянты 8,6 миң $км^2$, калкы 499 миң (1975-ж. 1-янв.). А-да 6 район, 6 шаар, 3 шаар тибиндеги посёлок бар. Борбору — Сухуми.

Мамлекеттик түзүлүшү. Абхаз АССРи — ГССРдин составындагы жумушчу ж-а дыйкандардын соц. мамлекети, автон. сов. соц. республика. Конституциясы 1937-ж. 2-августта Бүткүл Абхазия Советтеринин 8-съездинде кабыл алынган. Мамлекеттин жогорку органы — Абхазиянын Жогорку Совети (Жогорку Советке ар 3 миң кишиден 1 депутат 4 жылдык мөөнөткө шайланат). Жогорку Совет республиканын Министрлер Советин түзөт. Эмгекчилердин шаардык, райондук, посёлоктук ж-а селолук Советтери Абхаз АССРинин мамл. бийлигинин жерг. органдары болуп саналат.

Табияты. А. Закавказьенин түн.-батышында. Түш.-батышынан Кара деңиз м-н чектешет. Жеринин көпчүлүк бөлүгүн Башкы Кавказ кырка тоосунун тармактары ээлейт. Түш.-чыгышында Колхида ойдуңунун ичке тилкеси жатат. Ойдуң жерлерде ж-а тоо этектеринде климат жылуу, нымдуу субтропиктик, тоолордо нымдуу, мелүүн ж-а суук. Январдын орт. темп-расы субтропиктик тилкелерде 4°—7°C, тоолордо 2 ден — 2°C, июлда 22—24°C ж-а 18—16°C. Жылдык жаан-чачын 1400—1500 *мм*. Башкы д-лары: Кодори, Бзыбь, Келасури, Гумиста. Көлдөрү: Амткел, Рица. Ойдуң ж-а адырларынын кыртышы субтропиктик күл, кызыл, сары; тоолорунуку күрөң, чым көңдүү шалбаа топурактуу. А-да өсүмдүктөрдүн 2000ден ашык түрү бар. Тоодогу токойдо аюу, каман, сүлөөсүн, асыл бугу, элик, тур кездешет. Рица, Гумиста, Пицунда коруктары бар.

Калкы. А-да ондон ашык улут (абхаз, грузин, орус, армян ж. б.) жашайт. Абхаздар 15,9%, грузиндер 41%, орустар 19,2%, армяндар 15,3%. Калкынын 44% шаарда турат. А. калктын орт. жышт. 1 $км^2$ жерге 56 киши (1969). Ш-лары: Сухуми, Ткварчели, Гагра, Очамчира, Гудаута, Гали.

Тарыхый очерки. А-нын азыркы терр-ясын адам эң оболу байыркы палеолит доорунда мекендеген. Б. з. ч. 1-к. ичинде А-нын көпчүлүк жери Колхида падышалыгынын карамагында болгон, Кара деңиз жээги жагын гректер колониялаган. Б. з. ч. 2-к-дын аягында А. понтий падышасынын, б. з. 65-ж-дан — римдиктердин, 4—6-к-да Византиянын кол астында болгон. 6-к-дын 1-жарымында абхаздар христиан динине өткөн. 8-к-дын аягында Византия бийлигинен бошонгон бат. Грузияда Абхаз падышалыгы түзүлөт. А. 10-к-дын 2-жарымында бириккен феод. Грузиянын составына кирген. 16—17-к-дарда феод. Грузия саясий жактан бытыраганда А. өзүнчө кинадык болуп турган. Бирок 16-к-дын 2-жарымында бүткүл Бат. Грузия сыяктуу А-да Турцияга көз каранды болгон, түрктөрдүн кулдугунан кутулуу жолун издеген абхаздыктар 1810-ж. өз ыктыяры м-н Россияга кошулат. Бул орустун алдыңкы маданиятын абхаз элинин өздөштүрүшүнө ж-а Россиядагы боштондук кыймылына абхаз эмгекчилеринин тартылышына шарт түзгөн. Эл массасы феод. колониялык эзүүгө каршы күрөшүп турган. *1866-ж. Абхаз көтөрүлүшү* болгон. 1902—03-ж-дарда А-да 1-с.-д. уюмдар пайда болот. А-да 1905—07-ж-дардагы рев-чыл кыймылга РСДРПнин Кавказ союздук комитети жетекчилик кылган. 1916-ж. Сухумиде большевиктердин аскердик топтору иштей баштап, 1917-ж. февраль рев-ясынан кийин алар солдаттарга чоң таасир тийгизген. Большевиктердин жетекчилиги м-н күрөшкө чыгышкан абхаз эли 1918-ж. 8-апрелде Сухуми ш-да Совет бийлигин жарыялаган, бирок айыгышкан согуштан соң 17-майда шаар актардын колуна өтөт. 1921-ж. 4-мартта бүткүл А-да Совет бийлиги орногон. 1922-ж. 13-декабрда Грузиянын бөлүгү катарында А. РСФСРдин составына кирген. 1931-ж. февралда ГССРдин составындагы автоном. респ-ка. 1935-ж. 15-мартта а. ч. ж-а о. ж. тармактарында жетишкендиктери үчүн А. Ленин ордени м-н сыйланды. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында А-нын эмгекчилери фронтто ж-а тылда баатырдык ж-а эрдик көрсөттү. А-нын 20 уулу Сов. Союз. Баатыры наамына арзыды. Согуштан кийинки жылдарда А-нын экономикасы ж-а маданияты ылдам темп м-н өнүктү. Ал эми кийинки мезгилдерде эмгекчилердин материалдык ж-а маданий турмуш деңгээли албай жогорулады. 1971-ж. 3-мартта Абхаз АССРи Октябрь Революциясы ордени, 1972-ж. 29-декабрда Элдердин достугу ордени м-н сыйланды.



Рица көлү.

Эл чарбасы. А. СССРде жогорку сапаттуу тамеки, чай, цитрус өсүмдүктөрүн берүүчү негизги базалардын бири. А-нын экономикасында курорттук чарбанын ж-а туризмдин мааниси зор. Ө. ж-лары деңиз жээгиндеги шаарларда жайгашкан. А-да көмүр (Ткварчелиде), полиметалл, сымап (Авадхарада) кендери бар. Тумиста д-да Сухуми ГЭСи курулган. Сухуми ш-да прибор жасоочу, металл иштетүүчү з-ддор, Сухуми, Гали, Гудаута, Очамчира, Ачигвара, Окумиде чай ж-а тамеки ф-калары бар. А. ч-сы муруптан бери өстүрүлүүчү чай (14,4 миң *га*), цитрус (3 миң *га*), жүзүмчүлүк (6,3 миң *га*) м-н аты чыккан. Анда мал чарбачылыгы (үй, чочко; эчки), аары чарбачылыгы, жибекчилик да жакшы өнүккөн. А-да деңиз, темир, автомобиль ж-а аба жолдору бар.



Мандариндин жаңы сортун чыгарган окумуштуулар тажрыйба плантациясында.

Саламаттык сактоо. 1913-ж. 94 койкалуу 4 оорукана, 9 врач болсо, 1972-жылдын 1-январына 3355 койкалуу 44 оорукана, 1008 врач, 3225 орто билимдүү мед. кызматкер, 910 койкалуу 6 санаторий, 2922 койкалуу 18 эс алуу үйү ж-а пансионаттар, 75 амбулатория ж-а поликлиника иштеген. Белгилүү курорттору: Сухуми, Гагра, Махинджаури, Гудаужа, Гульрипши, Леселидзе.

Элге билим берүү, маданий-агартуу жана илимий мекемелери. 1971-ж. 191 мектеп жашына чейинки балдар мекемелеринде 10 миң бала тарбияланган; жалпы билим берүүчү 451 мектепте 110,6 миң, 6 атайын орто окуу жайында 3166 окуучу окуган. Пионерлердин ж-а окуучулардын 8 дворецi, спорттук мектеп, жаш техниктердин 3 станциясы, 2 вуз, 15 илимий мекеме, 313 массалык китепкана, 3 музей, 207 клуб, 255 киноустановка бар.

Басма сөз, радио уктуруу, телекөрсөтүү. 1968-ж. «Алашара» («Жарык») басмасы 300 миң нускада 94 китеп ж-а брошюра чыгарган. Респ. 3 газета: абхаз тилинде «Апсны Капш» («Кызыл Абхазия, 1921), грузин тилинде «Сабчота Абхазети» («Советтик Абхазия», 1937), орус тилинде «Советская Абхазия» (1921) басылып турат. Абхаз тилинде адабий көркөм ж-а коомдук-саясий «Алашара» («Жарык», 1955), балдар үчүн «Амцаба» («Жалын», 1957) журналдары чыгат. Респ. радио берүүлөр абхаз, грузин, орус тилдеринде уктурулат. Москва, Тбилиси, Сочиден радио ж-а теле программалар алынып берилет.

Адабияты жана искусствосу. А. а-ты 20-к-дын 10—20-жылдарында элдик фольклордун, грузин, орус ж-а совет адабиятынын негизинде пайда болду. Абхаз тилиндеги алфавит 1862-ж. түзүлүп, биринчи алиппе 1865-ж. Тифлисте басылып чыккан. А. а-на негиз салуучулар — Д. Гулиа (1874—1960), С. Чанба (1886—1938) ж. б. 1920—30-жылдарда И. Папаскири, Д. Дарсалиа, Л. Квициниа, Л. Лабахуа, Б. Шинкуба ж. б. жаш жазуучулар пайда болду. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында абхаз акындары патриоттук ырларды ж-а поэмаларды жаратышты. Согуштан кийин И. Папаскири, М. Хашба, М. Папаскири, И. Тарба, Г. Гулиа, А. Гогуа ж. б. прозаиктер ийгиликтүү эмгектенүүдө.

А-да коло доорундагы эбегейсиз чоң имараттардын нукталары, гражд. ж-а коргонуу курулуштары сакталып калган. О. кылымда А-нын архитектурасы гүлдөп өнүгөт. Ошол мезгилдеги курулуштардын формалары ар түрдүү болгон. Соц. А-да шаарлар көрктөндүрүлүүдө. Сухумиде Абхаз АССРинин Өкмөт үйү (1932—39, арх. В. А. Щуко, В. Г. Гельфрейх), т. ж. вокзалы (1951, арх. Л. ж-а Л. Мушкудиапилер) ж. б. курулду. А-да сүрөт ж-а декоративдик иск-во (мозаика, металл пластикасы, миниатюра, фреска ж. б.) эзелтен эле пайда болгон. И. П. Цомая, Н. О. Табукашвили, Х. Т. Авидзба, Ч. В. Кукладзе, М. Е. Эшба ж. б. белгилүү сүрөтчүлөр иштейт. Жыгачты оймолоп кооздоо, металлдан ар түрдүү кооз нерселерди чегип жасоо өнүккөн.

А-нын элдик музыкасы көп үндүү. Ырларынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүгү бар. Муз. фольклордо негизги орунду тарыхый баатырдык эпос ээлейт. Муз. аспаптарга аюмаа, ахымаа, апхерца ж. б. кирет. А-нын театр маданияты элдик оюн ж-а салттардан башталат. 1921-жылдан Д. И. Гулианын жетекчилиги м-н театр труппасы иштей баштады. 1928-ж. Сухуми театрынын сектору ачылды. 1930-ж. Сухумиде драмалык студиянын базасында абхаз улуттук театры түзүлүп, 1967-ж. ага С. Чанбанын ысмы берилген.

Ад.: Абхазская АССР, Тб., 1961; Грузия, М., 1967 (серия «Советский Союз»); Абхазская АССР в братской семье советских народов, Сухуми, 1972; Дзидзария Г. А., 50 лет Советской Абхазии, Сухуми, 1971; Анчабадзе З. В., Дзидзария Г. А., Дружба извечная, нерушимая. Очерки из истории грузино-абхазских отношений. Сухуми, 1972; Гогогия Ш. Д., Здравоохранение в Абхазии, Сухуми, 1966; Абхазская литература. Краткий очерк, Сухуми, 1968; Лакербай М., Очерки истории абхазского театрального искусства, 2 изд., Сухуми, 1962.

АБХАЗ ПАДЫШАЛЫГЫ — Закавказьедеги алгачкы феод. мамлекет. Борбору — Кутатиси (Кутаиси) болгон. 8-к-дын 80-жылдарында абхаз князы Леон II *Византияга* каршы Бат. Грузиянын күрөшүнө жетекчилик кылып, көз каранды эместикке жетишкен. Анда Бат. Грузия бүтүн ж-а Чыг. Грузиянын бир бөлүгү А. п-на кирген. Негизги калкы: абхаздар, мегрелдер, свандар болгон. А. п. 9—10-к-дын 1-жарымында бир кыйла күч алат, мамлекеттин аймагы кеңеет. Кийин феод. чыр-чатактардан улам А. п. начарлайт. Грузияны бириктирүү үчүн болгон күрөшкө башчылык кылуу Тао-Кларжети падышалыгына өткөн соң, узак күрөштөн кийин 975-ж. А. п. бириккен феод. Грузиянын составына кирет.

АБХАЗ ТИЛИ — Абхазияда (ГССРи) жашаган абхаз калкынын тили. Кавказ (ибери-кавказ) тилдеринин абхаз-адыгей тобуна кирет. Бул тилде 80 миңден ашуун адам сүйлөйт (1970). Эки диалектиге (абжуй, бзыб) бөлүнөт. Адабий тили абжуй диалектисинин негизинде калыптанган. Тунгуч абхаз алфавитин орус графикасынын негизинде 1862-ж. П. К. Услар иштеп чыккан.

АБХАЗДАР (өздөрүн апсуа деп аташат) — Абхаз АССРинин жергиликтүү эли. А-дын бир бөлүгү Ажар АССРинде жашайт. СССРде А-дын саны 83 миң (1970). Абхаз тилинде сүйлөшөт. Б. з. ч. 11-к-дагы ассириялык маалыматтарга, 1—2-к-дагы анторлордун эскерүүлөрүнө карагапда, А-дын ата-бабалары Кавказдын Кара деңиз жээгинде жашаган эң байыркы элдерге кирет. Мурда А. гудаут же бзыб, абжуй, самурзакан деген үч терр-ялык группага бөлүнгөн, азыр ал айырмалар жоюлуп келе жатат. А-дын арасында православие (6-к-дан баштап) ж-а ислам динине (15-к-дан баштап) ишенгендер бар. Абхазия ГССРдин составында.

АБШЫР КӨМҮР КЕНИ — Ош обл-дагы күрөң көмүр чыгуучу жер. Кызыл-Кыя ш-нан 26 *км* чыг. тарапта, Алай кырка тоосунун түн. капталынан орун алган. Кен 1930-ж. ачылып, 1941—66-жылдарда мезгил-мезгили м-н «Средазуглегеология» тресги ж-а Кырг. ССР геол. башкармасы тарабынан геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын *юра мезгилинде* пайда болгон тоо тектер түзөт.

Алар көмүр астындагы, көмүрлүү, көмүр үстүндөгү, түрдүү ж-а кызыл түстүү деп аталган *геол. свиталарга* бөлүнөт. Кен «көмүрлүү» свитасында жайгашкан. Көмүр катмарларынын калыңд. 0,1 *м* ден 13,4 *м* ге жетип, жалпысынан 38 *м*. Көмүр кларендүү ж-а фюзен-ксилендүү. Кендин жалпы запасы 13,3 млн *т*. Кен 1967-жылдан тартып карьер түрүндө казылып алынат. Жылдык казылып алынышы 200 миң *т* дан ашат. Көмүр О. Азия м-н Түш. Казакстандын эл чарбачылыгына пайдаланылат.

АБШЫР СУРЬМА КЕНИ — Ош обл-дагы сурьма рудасы чыгуучу жер. Алай кырка тоосунун түн. капталында. 1946-ж. геологдор И. Л. Ворожкин м-н В. М. Соленков ачкан. 1946—51-жылдарда Кырг. ССР геол. башкармасы тарабынан чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Кен жаткан аймак *силур мезгилинде* пайда болгон аки таш теги м-н сланецтерден ж-а аларды жирип чыккан гранодиорит, диорит интрузияларынан турат. Кен катаал өзгөрүүлөргө учурап, өтө жаракаланган анти-клиналдык түзүлүштүн түн.-бат. капталында жайгашкан. Сурьма кени бири биринен 25—30 *м* аралыктагы эки руда горизонтунан турат. Астыңкы горизонт аки таш теги м-н сланец катмарларынын ортосунда, үстүңкүсү сланецтин арасында. Руда линза ж-а тарамча түрүндө, алардын калыңд. 1 *см* ден 25 *м* ге чейин. Рудадагы негизги минералдар: *антимонит*, валентинит, кермезит. Мындан башка киноварь, реальгар, пирит, арсенопирит, пирротин, халькопирит, марказит, сфалерит ж-а флюорит бар. Кен азырынча казыла элек.

АБШЫР-САЙ — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы табигый кооз жер. Райондун борбору Эски-Ноокаттан 25—26 *км* аралыкта. Кичи Алай кырка тоосунун түн. капталынан агып түшкөн *Абшыр-Сай* суусу аки таш тегинен түзүлгөн бөксө тоолорду кесип, тар ж-а терең капчыгайды пайда кылат. Капчыгайдын тамандынын кеңд. 20 *м* ге жакын, уз. 2 *км*, салышт. бийикт.



М. Абылкасымова.



Имп Август.

600—800 *м*, абс. бийикт. 1800—1900 *м*. Өрөөндүн таманынан 30—35 *м* бийиктикте, капчыгайдын оң капталындагы диаметри 2 *м* келген үңкүрдөн булак атырылып чыгып (чыгымы 0,3 $м^3/сек$ га жакын), эки баскычтуу шаркыратманы пайда кылат. Биринчи баскычтын бийикт. 15 *м* ден ашык, экинчиси 11—12 *м*. Өрөөндөгү сууга салыштырганда шаркыратманын суусу тунук, муздак, кальций м-н магнийге бай. Суу жер астындагы карсттык колмонун бир четиндеги жарацка м-н жыл бою бир калыпта сыртка чыгат. А.-С. шаркыратмасынын тегереги өзгөчө кооз, суу жээктей бадалдар өсөт; алардын арасына тал-терек, мөмө даректары тигилген. Колхозчулардын эс алуу үйү, пионер лагери бар. Шаркыратманы даана көрүш үчүн, капчыгайдын эки капталына бетон тепкичтер ж-а тектирчелер курулган.

АБШЫР-САЙ — Ош обл-нын Фергана өрөөнүндөгү суу, Кара-Дарыянын алабында. Уз. 62 *км*, алабынын аянты 230 $км^2$. *Кичи-Алай* кырка тоосунан башталат, жогорку агымы кууш ж-а терең капчыгайлар м-н агып, Найман кыштагынан кийин Фергана өрөөнүнө чыгат. Төмөнкү агымы «Жылгын-Сай» аталат. Ортоцку агымында *Абшыр-Сай* шаркыратмасы, 89 майда куймасы бар, ирилери: Маляран, Ширан ж. б. Апрелде кире баштап, сентябрде тартылат. Жылдык орт. чыгымы 1,68 $м^3/сек$, эң көбү 13,0 $м^3/сек$, эң азы 0,51 $м^3/сек$. Кар, мөңгү, жаанчачын ж-а булактардан куралат. Сугатка пайдаланганынан, Кара-Дарыяга жетпейт. А.- С-дын боюнда Котормо, Найман кыштактары жайгашкан.

АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан (1936-ж. т., Кемин р-ну, Жаңы-Алыш кыш.) — кыргыз сов. акыны. 1970-жылдан КПССтин мүчөсү. Мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Фрунзедеги пед. окуу жайын (1953), Кыргыз кыз-келиндер педин-тунун филол. ф-тетин бүтүргөн (1958). Оштогу обл. «Ленин жолу» газетасында (1958—60), Ош педин-тунда мугалим (1960—62), «Ала-Тоо» журналында адабий кызматкер (1962—70), Кыргызстан жазуучулар союзунун Ысык-Көл обл-ы б-ча адабий консультанты болгон (1971—72). 1973-жылдан бери «Ала-Тоо» журналында кызматкер. Алгачкы ыры («Жеңишбек») 1952-ж. жарыяланган. А-нын «Кичинекей досторго» (1961), «Чолпон» (1962) аттуу ыр жыйнактары жарык көргөн. А-ны акын катары таанытқан — «Быйыл жаздын гүлдөрү көп» (1965) китеби болду. А. «Эстелик сүйлөйт», «Сен билесиң мени, Мекеним» поэмалары. «Ишеним дайым жүрөктө» жыйнагы үчүн Бүткүл Союздук Ленин комсомолу ат-ны. сыйл. лауреаты болгон. «Тандалган чыгармалары» (1973), «Ата журт» (1973) ыр жыйнагы чыкты. А-нын ырлары орус («Веру в сердце храню», 1968; «Белый след», 1970) украин, казак, монгол, немец, поляк, болгар, француз тилдерине которулган.

АБЫСЫН — ага-инилердин же бир атанын балдарынын аялдары (бири бирине карата). Сыйлоо, урматтоо претинде агасынын аялын иниси-нин аялы «жеңе» десе, кичүүсүнүн аялына улуусунун аялы «келин» деп кайрылат. Кыргыз тилинде жалпысынан аларды абысын-ажын деп да атайт.

АВАНГАРДИЗМ (фр. avant — алдыңкы, gardisme — сакчы) — 20-к-дын көркөм чыгармачылыгында пайда болгон кыймылдын шарттуу аты. Мурасталган реалисттик көркөм образдын салттарынан кол үзүүгө, жаңыча түюнтүүр каражаттарын издөөгө, чыгарманын формалык түзүлүшүн кайра курууга далбаса кылуу—А-дин мүнөздүү белгилери. «А» термини 20-жылдары көркөм-адабий сында адеп колдонулуп, иск-во ж-дө илимге 50-жылдары кирген. Бирок илимий так аныктама ала элек. А. 20-к-дагы бүрж. маданияттын жалпы кризисинин белгилери модернизмдин ар түрдүү агымдарынан (фовизм, кубизм, футуризм, экспрессионизм, атоналдык музыка, додекафония ж. б.) көрүндү. А-дин өнүгүү процессинде карама-каршы багыттар, ар түрдүү идеялык-эстет. көз караштагы ж-а коомдук позициядагы художниктер учурайт. Бул бүрж. коомдо антагонисттик таптардын жашап турүшу ж-а күрөшү м-н түшүндүрүлөт. Авангардисттердин негизгилөрү, субъективизмге ж-а жалаң форма кубалоочулукка өтүшү бүрж. иск-вонун кризиске дуушар болуп жатканын көрсөтөт. А-ге аздыр-көптүр тиешеси бар болгон кээ бир художниктер (П. Элюар, Франция; В. Незвал, Чехословакия; Б. Брехт, И. Бехер, Германия ж. б.) модерндисттик адашуулардан кутулушун, чыныгы соц. иск-вонун жолуна түштү. Орус иск-восунда В. В. Маяковскийдин, В. Э. Мейерхольддун, С. С. Прокофьевдин алгачкы чыг-ларында А-дин айрым элементтери болгон. Улуу Окт. соц. рев-яның жеңиши алардын чыг-лык жолдорун аныктап, авангардчыл индивидуализмден ж-а субъективизмден чечкиндүү түрдө бироголо кол үзүшүнө, соц. иск-вонун көрүнүктүү өкүлдөрүнөн болууга шарт түздү. 30-жылдардын Батыштагы авангардисттеринин негизги массасы өз чыгынын козголочулук мүнөзүн жоготуп, 1927-ж. чейин араб алфавитинде негизделген жазуу системасын колдонушкан; 1938-ж. орус графикасынын негизиндеги жазууга өтүшкөн.

Ад.: Жирков Л. И., Грамматика аварского языка, М., 1924.

АВАР ХАНДЫГЫ — Дагестандын борб. болүгүндө өкүм сүргөн феод. мамлекет (12-к. аягы — 19-к.). А. х. о. кылымдагы Сарир «падышалыгынын» ордуна түзүлүп, Уммахан башкарган мезгилде өз алдынча чоң аймакты ээлеген. 13-к-да — монголдордун, 16-к-да перстер м-н түркстордун чабуулдарынан бүлүнгөн. 17—18-к-да А. х. күчтүү мамлекетке айланган. 16-к-дан баштап бир нече жолу Россиянын протектораты болуп, 1802-ж. анын карамагына өткөн. Ал эми 19-к-дын 20—50-жылдарында А. х-ның территориясы *Имамдыкка* кирет, 1864-ж, Россия аны Авар округуна айлантат.

АВАРИЯ (итал. avaria — зыянга учуроо, залал тартуу) — 1. Машинанын, станоктун, учуучу аппараттын д. у. с-лардын күтүүсүз жерден иштен чыгышы; 2. Деңиз укугунда деңиз жолу м-н жүк ташууда кырсыктан улам кемеге ж-а жүккө келтирилүүчү мүлктүк зыян.

АВАРЛАР (өздөрүн маарулал деп аташат) — негизинен Дагестан АССРинин тоолуу бөлүгүндө, бир азы Буйнак, Хасавъюрт ж. б. р-ндордун түздүгүндө жашаган эл. А. Азерб. ССРинде да бар. Калкынын саны 396 миң киши (1970), анын 239 миңи Дагестанда. Авар тилинде сүйлөшөт. Окт. рев-ясынан кийин А-га тили, маданияты, үрп-адаты тектеш андцез ж-а арчи элдери кошулган. 1959-жылдагы эл каттоодо алар өздөрүн А. деп аташкан. Чарбасы көп тармактуу: мал чарбачылык, дыйканчылык, багбанчылык. Көптөгөн А. ө. ж-да иштешет. Адабият м-н иск-восу бир кыйла гүлдөдү. Улуттук интеллигенциянын кадрлары өсүп чыкты.

АВАЧА ЖАНАР ТООСУ, Авача — Камчатка ж. а-нын түш.-чыгышындагы өчө элек жанар тоо. Петропавловск-Камчатск ш-на жакын. Бийикт. 2741 *м*. Борб. конусу байыркы кратерде көтөрүлүп жатат. А. ж. т. андезит, базальт лаваларынан, туф, вулкандык шлак ж-а күлдөн турат. 1730-жылдан бери 15 ирет атылган, эң кийинкилери 1926, 1938 (үч жолу), 1945-жылдары болгон. 1000 *м* бийиктикте вулканология илимий станциясы бар.

АВГИТ (гр. augé — жалтырак) — пироксендер тобундагы минерал. Хим. формуласы (Ca, Na) (Mg, Fe″, Fe‴, Al, Ti) [(Si, Al)$_2$O$_6$]. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5—6. Салыштыр. салм. 3,2—3,6. Өңү кочкул жашыл, айнек сымал жалтырак. А.— магмалык тоо тектерди түзүүчү минералдардын бири. Гидро термалык эриндилердин таасиринен *роговая обманкага* (уралитке) же хлоритке, ал эми талкалануу процессинен опалга же карбонаттарга айланат.

АВГУСТ (Augustus) (б. з. ч. 44-ж-га чейин Гай Октавий, 44-ж-дан Гай Юлий Цезарь Октавиан, 27-ж-дан Гай Юлий Цезарь Октавиан Август) (б. з. ч. 63—б. з. 14)—б. з. ч. 27-ж-дан тартып Рим императору. Юлий Цезардын керез кылып багып алган жээни, Цезарь өлтүрүлгөндөн кийин (б. з. ч. 44), Октавиан императордун аскерлерине ж-а ветерандарына таянып, анын мурасчысы болуп калууну ойлогон. Антоний ж-а Ленид м-н союздашып (2-Триумвират), б. з. ч. 42-ж. республикачыл сенаттын жол башчылары Брут м-н Кассийдин (Цезарды өлтүргөндөрдүн) аскерлерин талкалайт. А-тун армиясы б. з. ч. 36-ж. Помпейдин аскерлерин жеңип, Лепидди бийликтен ажыратат. Б. з. ч. 31-ж. өзүнүн негизги душманы Антонийге каршы согуш жарыялап, анын флотун талкалайт. Б. з. ч. 30-ж. Египетти басып алгандан кийин, Рим мамл-нин бирден-бир чексиз бийликтүү диктаторуна айланат. Сенат Октавианга «Август» («Ыйык адам») деген титул берет. А. принципат (Princeps— тизмедеги 1-сенат болгон) деп аталуучу саясий режимге негиз салып, күлдар ж. б. эзилген элдердин каршылык көрсөтүүсүн басуу үчүн, аскердик диктатура орнотқон. А. Батышка карата баскынчылык саясат жүргүзүп, Чыгышка карата дипломатиялык сүйлөшүүлөрдүн жардамы м-н Рим империясынын бийлигин жайылтууга аракет кылган.

АВГУСТИНЧИЛЕР (лат. augustiniani) — «жакырданган» католиктик монах ордени, 13-к-дын ортосунда бир топ итал. монахтардын конгрегацияларынын биригүүсүнөн пайда болгон. Уставы жалган жеринен Августинге таандык болуп айтылгандыктан, ушундайча аталган. 1256-ж. папа Александр IV Орденди бекиткен. 15-к-дын ортосунда мүчөлөрүнүн саны 30 миңге жакындаган. 18-к-дан баштап орден маанисин жоготкон, азыркы мезгилде А-дин саны 5 миңге жетпейт.

АВЕНТИН БЛОГУ (1924) — Италиядагы фашизмге кыр көрсөткөн партиялардан ж-а саясий майда топтордон куралган блок. А. б-на элдик (католик), респ., соц. партиялардын өкүлдөрү ж-а партияда жоктор кирген. 1924-ж. 10-июнда Ж. Маттеоттини фашисттер өлтүргөндө, ошого протест кылган оппозициянын депутаттары парламенттен чыгып, «оппозициялык фракциялык комитетти» түзүшөт. Оппозициянын бул аракети фашизмге каршы көпчүлүктү түп көтөрө чыгарганга сигнал болот деп эсептеп, Компартия адегенде ушул блокко кошулган ж-а анын жетекчи комитетинен жалпы саясий иш-таптоо жарыялоону талап кылган. Бирок комитетке кирген башка партиялардын башчылары коммунисттердин супуштарын четке кагып, фашизмге чечкиндүү каршылык көрсөтпөй койгон. Бул шарттарда Компартия А. б-пан чыгып, фашизмди ашкерелөө үчүн парламентке кирүүнү чечкен. Блоктун алсыздыгынан пайдаланып, Муссолини өлкөдөгү бүрж. демократиянын бардык белгилерин жоюп, А. б-на тыюу салган.



С. Г. Аверцин.

АВЕРРОИЗМ — о. кылымдагы филос. багыт. А-ге араб философу *Ибн Рушд* (Аверроэс) негиз салган. А-дин өкүлдөрү Аристотель философиясынын материалисттик багытын өнүктүрүшкөн. «Чындыктын эки жактуулугу» ж-дөгү теорияны жакташкан, «тиги дүйнөнүн» бар экендигин танышкан, билимди динге, философияны теологияга каршы коюшкан. Ф. Энгельстин айтуусунча, А-де аздыр-көптүр өнүккөн «шайыр эркин ойлоо» кийин арабдардан роман калктарына ооп, 18-к-дын материализмин даярдаган. А. б-ча материя м-н кыймылды эч ким жараткан эмес, алар түбөлүктүү, адамдын акылы чындыкты таанып-билүүгө жөндөмдүү. А. европ. өлкөлөрдө (Франция, Италия) философиянын өнүгүшүнө күчтүү таасир тийгизген. А. мусулман ортодоксиясы ж-а чиркөө тарабынан катуу куугунтукка алынган.

Ад.: Трахтенберг О. В., Очерки по истории зап.-европ. ср. век. философии, М., 1957.

АВЕРШИН Степан Гаврилович (30. 10. 1901, Курск обл., Беловск р-ну, Крупец с.,— 9. 10. 1972, Москва) — тоо-кен иштери б-ча советтик илимпоз, тех. илимдеринин доктору (1946), профессор (1946), Кырг. ССР ИАнын академиги (1961), РСФСРдин илимге ж-а техникага эмгек сиңирген ишмери (1961). А. 1931-ж. Ленинград тоо-кен ин-тун бүтүрүп, 1962-жылга чейин Ленинграддагы Бүткүл союздук маркшейдердик ил. из. ин-тунда, Кырг. ССР ИАнын Тоо тектеринин физикасы ж-а механикасы ин-тунда (1962-жылдан) иштеген. Кырг. ССР ИАнын вице-президенти болуп шайланган (1965). А-дин эмгектери негизинен тоо-кен иштеринде көмүр ж-а кен казмаларында тектердин механикасын, басымын ж-а алардын жылышууларын изилдөөго багытталган. Илимдин бул тармактары б-ча 100 гө жакын илимий эмгеги бар. Ал тоо-кен иштери б-ча Эл аралык конференцияларга ж-а конгресстерге бир нече жолу катышкан, Берлиндеги Германия академиясынын тоо тектеринин механикасы б-ча эл аралык бюросунун мүчөсү болгон. А.— СССР Мамл. сыйлыгынын лауреаты (1968, 1971). Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Сдвижение горных пород при подземных разработках, М., 1947; Горные удары, М., 1956; Поддержание горных выработок на шахтах Киргизии (Зотов С. В., Ялымов Б. Г. м-н авторлош), Фр., 1968.

«АВЕСТА» — байыркы заманда ж-а

о. кылымдын башында Иранда, О. Азияда, Азербайжанда, Афганстанда кеңири тараган диндин (зороастризмдин) касиеттүү китептеринин жыйнагы. «А.» — О. Азия, Иран, азерб. элдеринин байыркы замандагы коомдук-экон. турмушун, аалам ж-дөгү түшүнүктөрүн, үрп-адаттарын ж-а дүйнөгө көз караштарын, динин, фарс-тажик жазууларын, чыг-ларын камтыган энциклопедиялык чыгарма. «А-нын» кол жазмасы 21 китептен турат. Бизге 1/4 бөлүгү гана келип жеткен. Бизге белгилүү «А.» Ясна, Висперед, Вендидат, Яшта деген бөлүктөрдөн турат. «А.» зороастризм системасынын айрым принциптери м-н жоболорун өз ичине алат. Зороастризм алгачкы коомдук түзүлүштөн кул ээлөөчүлүк түзүлүшкө өтүү доорунда пайда болуп, белгилүү коомдук-экон. өзгөрүштөрдү диний негизде түшүндүргөн. «А-да» баяндалган зороастризм системасында дуализм ачык-айкын көрүнөт. «А.» б-ча аалам эки негизден, б. а. жарык м-н караңгылыктын, жакшылык м-н жамандыктын тынымсыз күрөшүнөн туруп, турмуштагы ар түрдүү өзгөрүштөр тигил же бул «күчтөрдүн» жеңишине байланыштуу болот. Натурфилософия, космогония, тарых, этика, медицина ж-дө «А-дагы» маалыматтар да дуализмге негизделген. Мында стихиялуу матер. көз караштардын, диалектиканын жөнөкөй элементтери бар. «А-да» падышага, башкаруучуларга, дин кызматкерлерине, диний үрп-адаттарга чоң орун берилип, дин ишмерлери касиеттүү деп сүрөттөлөт, аларга көпчүлүк садага берип турушу зарыл деп айтылат. «А.» зороастризмдин касиеттүү китеби деп эсептелип, үстөмдүк кылуучу таптын, асыресе динчилердин мүдөөсүн көздөгөн.

Ад.: Бертельс Е. Э., Отрывки из Авесты (пер.), кн. 4, М.—Л., 1924; Маковельский А. О., Авеста, Баку, 1960; Хрестоматия по истории Древнего Востока, М., 1963; Дьяконов М. М., Очерки истории Древнего Ирана, М., 1961.

АВЕСТА ТИЛИ — иран группасындагы байыркы тил. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын 1-жарымында түзүлгөн, зороастризмдин «Авеста» деген диний китептеринин тили. «А-нын» тексттери адегенде оозеки жашап, кийин кагазга түшүрүлгөн. А. т. эки диалектиден — эски же гат (аны м-н Заратуштранын же Зороастранын сыйынуу тексттери жазылган) ж-а кийинки авеста тилинен («Авестанын» калган тексттери жазылган) турат. Анын кол жазмасы 21 китептен турат. Бизге 1/4 бөлүгүндөйү гана жеткен. «Авестанын» 2 нускасы бар. Байыркы заманда ж-а о. кылымдын башында «Авеста» Иранда, О. Азияда, Азербайжанда, Афганистанда кеңири тараган. А. т-н парсзороастрийлер гана (Индияда) бүгүнкү күнгө чейин диндик литургиянын тили катары пайдаланышат.

АВИА... (лат. avis — канаттуу) — татаал сөздөрдүн мааниси б-ча «авиациялык» (мис., *авиакомпас, авиагоризонт)* деген сөзгө туура келүүчү составдык бөлүгү.

АВИАГОРИЗОНТ *(авиа...* ж-а гр. horizon — чектөөчү) — учуучу аппараттын кыйшаюу ж-а тангаж бурчтарын өлчөөчү *гироскоптук* прибор. Аппараттын узатасын бойлото кеткен огу м-н горизонттук тегиздиктин ортосундагы бурч тангаж бурчу делсе, узатасын бойлой кеткен тегиздиги м-н вертикалдын ортосундагы бурч кыйшаюу бурчу деп аталат. А-тун негизги бөлүктөрү — өз огунун абалын мейкиндикте өзгөртпөй сактап туруучу үч эркиндик даражасы бар гироскоп ж-а гироскоп роторунун огун анык вертикалдан кыйшайтпай коррекциялоочу маятниктүү система. Гироскоптун роторунун огу анык вертикаль м-н дал келбеген бардык учурларда коррекциялоочу система окту берилген (керектүү) абалга алып келет. Азыр электр гироскоптуу А. колдонулат.

Ад.: Фридлендер Г. О., Козлов М. С., Авиационные гироскопические приборы, М., 1961.

АВИАКОМПАС — самолёттун учуу багытын көрсөтүүчү прибор. А. катарында *магнит,* гиромагнит, *гироскоп,* астрономиялык ж-а радиокомпастары колдонулат, к. *Компас.*

АВИАМОДЕЛИЗМ — техникалык же спорттук максаттар үчүн учуучу аппараттардын, ракетанын модели конструкциялоо ж-а түзүү. Тех. А. учуучу аппараттарды куруунун илимий-тех. тажрыйбаларынын маанилүү маселелерин чечүүгө жардам берет. А. Ф. Можайский 1-самолётту куруу ишине анын моделинин (1876—77) учуу шарттарын изилдеп жүрүп жетишкен. *Н. Е. Жуковский* авиамоделдерди учуруп көрүү м-н персенин абадагы кыймылынын законун ачкан. Азыркы учурда да тажрыйбалык самолётту жасоо үчүн, анын кичинекей модели аэродинамикалык түтүктө изилденип, мүнөздөөчү сапаттары аныкталат. Спорттук А.— спорттун кеңири тараган түрү. Тех. жактан жакшы моделдердин учуу ылдамд. 100 *км/с* ка, учуу убактысы бир канча саатка ж-а аралыгы жүздөгөн *км* лерге жетет.

Ад.: Авиационный моделизм, М., 1956.

АВИАМОДЕЛЬ СПОРТУ — спорттун кеңири таралган түрү. Учуучу моделдердин биринчи мелдештери 1905-ж. Францияда өткөрүлгөн. Ага планер моделдери гана катышкан. 1910-ж. (Москвада) Россияда учуучу моделдердин биринчи мелдешин Н. Е. Жуковский уюштурган. 1923-ж. Аба флот досторунун коому түзүлүп, анын спорт секциясында А. с-нун борбору ачылгандан кийин, А. с. массалык түрдө тарады. 1926-ж-дан баштап биздин өлкөдө учуучу моделдердин бүткүл союздук мелдештери үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат. 1936-жылдан бери СССР Борб. аэроклубу ФАИге (Эл аралык авиац. федерацияга) өткөндө, сов. авиамоделисттер дүйнөлүк аренага чыгышты. СССРдин авиамоделисттери 1959-ж. 1-январда «Бүткүл дүйнөлүк рекорддо» А. с-нун 28 түрүнөн 11 рекорддук орунду ээлешти.

АВИАНОСЕЦ — согуш кемеси; жогорку маневрдүү сүзүп жүрүүчү авиациялык база. А-тин душманга каршы негизги куралы — палубадагы авиация (самолёттор ж-а вертолёттор), ал ядролук ж-а жөнөкөй дүрмөттүү ракеталар, бомбалар, торпедалар м-н куралданган. А-те зениттик ракета, 76 ж-а 127 *мм* калибрдүү замбиректер орнотулган. А. 1-дүйнөлүк согушта колдонула баштаган. 2-дүйнөлүк согушта АКШ, Япония ж-а Англиянын флотунун сокку уруучу негизги күчү катары деңиздердеги, өзгөчө Тынч океандагы согуштарда чоң роль ойногон. Ракеталык куралдардын өнүгүшүнө байланыштуу А-тин согуштук мааниси бир кыйла төмөндөп калды, бирок амер. адистер А. маанисин мурдагыдай эле сактап калат деп эсептешет. Колдонулушуна жараша А. сокку уруучу, согуш кайыктарын талкалоочу жөнөкөй ж-а атомдук болуп бөлүнөт.

Ад.: Короткин И. М., Слепенковельский А. О., Авеста, Баку, 1960; цы, М., 1964.

АВИАЦИЯ (фр. aviation, лат. avis — канаттуу куш) — абада оор аппараттар *(самолёт, вертолёт, планер)* м-н Жер айланасындагы аба мейкиндигинде учуу ж-а ошол аппараттардын жыйындысы. А. граждандык ж-а аскерлик болуп бөлүнөт. Гражд. А. транспорттук, санитардык, спорттук ж-а атайын максатта (а. ч-сында, геол. чалгындоолордо, ил. из. иштеринде) колдонулуучу учуучу аппараттардан турат. А. 20-к-да өнүгө баштады. Итал. окумуштуу ж-а инж. *Леонардо да Винчи* канаттуулардын учканын байкап, абадан оор аппараттардын учуу теориясын негиздөөгө аракеттенген. Россияда офицер А. Ф. *Можайский* 1885-ж. дүйнөдө 1-самолётту курган. 1894-ж. Англияда конструктор Х. Максимдин самолёту, Францияда (1897) К. Адердин учуучу аппараты жасалган. Бирок бул самолёттордо буу кыймылдаткычтары колдонулгандыктан, учуу ийгиликтүү болгон жок. Ичинен күймө кыймылдаткычтардын пайда болушу жеңил ж-а кубаттуу А-лык кыймылдаткычтарды түзүүгө мүмкүндүк берди. Амер. механиктер, агалы-ини У. Райт ж-а О. Райт биринчилерден болуп самолётко ичинен күймө кыймылдаткычты коюшкан. 1909—14-жылда Россияда Я. М. Геккелдин, Д. П. Григоровичтин оригиналдуу конструкциядагы самолёттору, И. И. Сикорскийдин «Русский витязь» деген оор самолёту жасалды. А. б-ча теориялык ж-а эксперименттик изилдөөлөргө орус окумуштуулары Н. Е. *Жуковский,* С. А. Чаплыгин зор салым киргизген. 1902-ж. Н. Е. Жуковскийдин демилгеси м-н Москва унтинде Россияда 1-аэродинамикалык түтүк жасалган. Жуковскийдин «Учуу теориясына карата», «Канаттуулардын калкуусу» ж. б. росс. окумуштуулардын эмгектери самолёт куруу ишин илимий негизге салды.

Окт. рев-нан кийин Совет мамл-и А-нын өөрчүшү үчүн жакшы кам көрдү. 1918-ж. Борб. аэрогидродинамикалык ин-т (ЦАГИ) негизделген, кийин ал А. илиминин эң ири борбору болуп калды. 1920-ж. самолёт куруу б-ча А. Н. *Туполевдин,* Н. Н. Поликарповдун ж-а Д. П. Григоровичтин конструктордук бюролору түзүлүп, Туполевдин АНТ-1, АНТ-2, АНТ-3, АНТ-4, Поликарповдун И-1, Григоровичтин И-2 деген сов. алгачкы самолёттору чыга баштаган. 1930-жылда ылдамд. 450—525 *км/с* ка жеткен, Поликарповдун И-15, И-16, Туполевдин «СБ», Ильюшиндин ДБ-3 самолёттору курулду. Гражд. аба жолунда 172 *км/с* ылдамдыктагы 6 орундуу К-5, 9 орундуу АНТ-9 самолёттору пайда болду. А-нын 2-дүйнөлүк согуш алдындагы, согуш мезгилиндеги өнүгүшү В. Я. Климовдун, А. Д. Швецовдун, А. А. Микулиндин ж. б. конструкторлордун А-лык кыймылдаткычтарынын ишке киргизилишине байланыштуу болду. Согуштун алдындагы ЛаГГ-3, МиГ-3, Як-1 истребителдери, Пе-2, Пе-8, Ил-4 бомбалоочу ж-а Ил-2 штурмалоочу самолётторунун ылдамд. 600—650 *км/с* болсо, согуштун аягында поршендүү кыймылдаткычтуу самолёттордун кээ биринин ылдамд. 690—720 *км/с* ка жеткен. Сов. самолёттор (Ла-5, Ла-7, Як-3, Як-9, МиГ-3, Пе-2, Ил-2, Ил-4, Ту-2) Германиянын самолётторуна (Ме-109, Вф-190, Ю-87) караганда аэродинамикалык касиеттери ж-а куралдануусу жагынан жогорку сапатта болгон.

Кийин А. реактивдүү, турбореактивдүү кыймылдаткычтарды колдонуу жолу м-н өнүгө баштады. 1940-ж. С. П. Королевдун СК-9 ракетопланында учкуч В. П. Фёдоров СССРде 1-жолу реактивдүү учууну ишке ашырса, 1947—48-жылда Ла-15 ж-а МиГ-15 самолётторунун ылдамд. 1050 *км/с;* 50-жылдардын башында сов. бир орундуу МиГ-19 самолёту 1450 *км/с* ылдамдыкка жеткирилди. Тик көтөрүлүп, тик конуучу, учуу убагында канатынын формасын өзгөртүүчү самолёттор пайда болду. 60-ж-дарда самолёттордун учуу ылдамд. 3000—3500 *км/с,* бийикт. 30 000 *м,* учуу алыстыгы 10 000 *км* ден ашты.

Гражд. А. 60-жылдардан баштап тез өөрчүй баштады. 1957—59-жылда мурдагы самолёттордун катарына кубаттуу Ту-104, Ил-18, Ту-114, Ан-10, Ан-24 кошулду. 1965-ж. дүйнөдөгү эң зор 4 турбовинттүү кыймылдаткычтуу Ан-22 самолёту курулган. Ал 1967-ж. 26-октябрда 100,4446 *т* жүк м-н 7800 *м* бийиктикке көтөрүлүп, дүйнөлүк рекорд койгон. 1968-ж. үч реактивдүү кыймылдаткычтуу Ту-154 самолёту сыноодон өттү. Көп убакыт өтпөй гражд. А-нын катарында дүйнөдөгү тунгуч, үндөн тез ылдамдыкта учуучу (учуу бийикт. 20000 *м,* ылдамд. 2500 *км/с*) 121 орундуу Ту-144 жүргүнчүлөр самолёту ж-а Ил-62 самолёту кошулду. 50-жылдардын башында эл чарбасында ж-а аскер ишинде колдонулууга ылайыкталып, М. Л. Милдин Ми-1, Ми-4, Н. И. Камовдун Ка-15, Ка-18, Ка-26, кийин Ми-6, Ми-8, Ми-10 чоң вертолёттору курулган. 1971-ж. дүйнөдө эң чоң вертолёттордун бири В-12 ж-а Ил-76 жаңы самолёту сыноодон өттү.

Чет өлкөлүк гражд. А-да негизги орунду амер. «Боинг», «Дуглас», «Локхид», франц. «Каравелла», англ. «БАК», «Трайдент» реактивдүү ж-а турбореактивдүү самолёттор ээлейт.

Кыргыз аба мейкиндигинде 1919-ж. биринчи самолёт учса, азыр Ил-18 самолёту Фрунзе ш-нан Москва, Ленинград, Киев, Куйбышев, Челябинск, Красноярск, Сочи, Свердловск, Ташкен, Ош ж. б. ш-ларга, 1975-жылдан Ил-62 самолету Москвага учуп турат. 1968-жылдан баштап Ан-24, Як-40 самолёттору жерг. аба жолдорунда кеңири пайдаланыла баштады. Атайын максаттагы А-дан Ан-2 самолёту ж-а Ми-1, Ми-2, Ми-4 вертолёттору колдонулуп жатат.

Ад.: Гражданская авиация СССР. 1917—1967, М., 1968; Яковлев А. С., 50 лет советского самолётостроения, М., 1968; его же, Цель жизни, М., 1972; Изаксон А. М., Советское вертолётостроение, М., 1964; Виноградов Р. И., Минаев А. В., Самолёты СССР, 2 изд., М., 1961.

АВИАЦИЯ ӨНӨР ЖАЙЫ — самолёттордy, авиация кыймылдаткычтарын, аспаптарды ж. б. жабдууларды өндүрүүчү ө. ж. тармагы. Бул ө. ж. 20-к-дын башында пайда болгон. Россияда тунгуч авиация ишканалары 1-дүйнөлүк согушка жакын пайдаланууга берилип, ондон ашык авиация з-ду иштеген. Сов. А. ө. ж. негизинен биринчи беш жылдыкта түзүлдү. Сов. авиаконструкторлор С. В. Ильюшин, С. А. Лавочкин, А. И. Микоян, В. М. Петляков, М. И. Гуревич, Н. Н. Поликарпов, А. Н. Туполев, А. С. Яковлев ж. б. самолёттордун түрлүү конструкцияларын чыгарды. Бул самолёттордун айрымдарынын тех. көрсөткүчтөрү чет мамл. самолёттордукунан жогору тургану Улуу Ата Мек. согушта жакшы көрүндү. Кыска мөөнөттө бир канча жаңы типтеги самолёттор, авиация кыймылдаткычтары, приборлор, аспаптар өндүрүшкө берилди. Согуштан кийин А. ө. ж. жылына 40 миңге жакын самолёт чыгарып турду. А. ө. ж. өзгөчө кийинки он жылдын ичинде тез темп м-н өстү. Бардык тех көрсөткүчтөрү жагынан сапаттуу Ту-144, Ту-154, Як-40, Ил-18, Ан-10, Ил-62, Ан-22 самолёттору, Як-24, Ми-1, Ми-4, Ка-15 сыяктуу ири вертолёттор чыгарылды. А. ө. ж-нын тех. базасы да чыңалды. Самолёт чыгаруудагы өндүрүш процесстеринде үзгүлтүксүз конвейер, автомат-станок, прогрессивдүү жаңы технология улам толук өздөштүрүлүп, комплекстүү механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу кеңири колдонулуп, эмгек өндүрүмдүүлүгү көтөрүлүүдө.

АВИАЦИЯЛЫК АСТРОНОМИЯ — учуудагы астрон. навигациянын методдору карала турган практикалык астрономиянын бөлүмү. А. а-нын башкы милдети — асман жарык чыгаруучуларына байкоо жүргүзүү м-н самолёттун учуп бараткан кездеги ордун ж-а багытын аныктоо. Асман объекттилерине байкоо жүргүзүү секстанттын (бурч өлчөөчү аспап) ж-а автоматтык астроориентаторлордун, жарык чыгаруучулардын пеленгациясын автоматтык түрдө иш жүзүнө ашыруучу ж-а тиешелүү эсептөөлөрдү аткаруучу аспаптардын жардамы м-н ишке ашырылат. Убакыт хронометрлер м-н өлчөнөт. Эсептөө жүргүзгөндө жылыга чыгарылуучу А. а. жыйнагына жарыяланган маалыматтар, атайын таблицалар пайдаланылат.

АВИАЦИЯЛЫК ГАЗ ТУРБИНАСЫ — газ турбиналуу кыймылдаткычтын негизги бөлүктөрүнүн бири; газ агымынын энергиясын кыймылдаткычтын мех. энергиясына айландыруучу түзүлүш. А. г. т. турбореактивдүү кыймылдаткычта компрессорду, эки контурдуу кыймылдаткычта компрессор м-н желдеткичти, турбовинттүү кыймылдаткычта компрессор м-н аба винтин айландырат. Андан тышкары учуучу аппараттардын кээ бир жардамчы агрегаттары — стартер, генератор, насос ж. б-ды да аракетке келтирет. А. г. т. м-н зор кубаттуулукту алууга болот. Мис., азыркы көп баскычтуу А. г. т-нын бир эле баскычынын кубаттуулугу 30—40 *Мвт* (50 миң *а. к.)* га жетет.

АВИАЦИЯЛЫК КЫЙМЫЛДАТКЫЧ — учуучу аппараттарды кыймылга келтирүүчү жылуулук кыймылдаткычы. А. Ф. *Можайскийдин* самолётуна орнотулган (1885) буу кыймылдаткычы биринчи А. к. болгон. А. к. кийинчерээк бардык өлкөлөрдө ичинен күймө поршендүү кыймылдаткычтын негизинде жасала баштады. А. к. винттүү, реактивдүү ж-а айкалыштырылган турбовинттүү болуп бөлүнөт. Тартуу күчү реактивдүү кыймылдаткычта күйүүчү газдардын чоң ылдамдыкта соплодон агып чыгышынан, винттүү кыймылдаткычта винттин айлануусунан, айкалыштырылган турбовинттүү кыймылдаткычта аба винтинин айланышынан ж-а күйүүчү заттардын агымынан пайда болот. Поршендүү А. к. учуу ылдамд. 200—500 *км/с* вертолёттордо, турбовинттүү А. к. ылдамд. 500—800 *км/с* болгон самолёттордо колдонулат. Улуу Ата Мек. согуштан кийинки турбореактивдүү А. к-тын ылдамд. 960 *км/с* ка чейин жеткирилди. 1965—67-ж-да турбореактивдүү ж-а турбовинттүү А. к-тардын негизинде эки контурлуу турбореактивдүү кыймылдаткычтар пайда болду. Алар үндүн ылдамдыгына жакын ж-а андан жогорку ылдамдыкта учуучу самолёттордо колдонулат.

АВИАЦИЯЛЫК МАЯК — учкучтарга аэродромду көрсөтүүчү түзүлүш. А-

аэродромдун шарттуу белгилерин атайын жасалгалар аркылуу билдирет. Жарык маяктарынын колдонулушу метеорол. шарттарга көз каранды болгондуктан, негизинен *радиомаяктар* колдонулат.

АВИАЦИЯЛЫК МЕДИЦИНА — медицинанын авиац. учууларда мед. жактан тейлөөнү камсыз кылуучу бир бөлүгү. Авиац. физиология, гигиена, психология ж-а учкучтардын врачтык экспертизасы Ав. м-ны түзөт. Ав. м. мындай маселелерди чечүүгө милдеттүү: авиацияда иштөөгө жарактуу деп соолугу бекем адамдардан учкучтукка, штурмандыкка, тех. составга тандоо; самолёттун экипажынын учууга жарамдуулугун учуу алдында мед. кароодон өткөрүү; учуу мезгилинде пайда болуучу терс шарттарга учкучтун чыдамкайлыгын арттыруу, машыктыруу; самолёттун экипажы (инженерлер м-н бирге), жүргүнчүлөр үчүн учуп баратканда талапка ылайык физиол. ж-а гигиеналык шарттарды түзүү. Ав. м-да азыркы самолёттордун үндүн таралуу ылдамдыгынан тез учушу да эске алынат. Космоско учуучу кораблдерде космонавттардын өмүрүнө ж-а иштөөсүнө ыңгайлуу шарт түзүү маселесин чечүүдө Ав. м. түздөн-түз катышат (к. *Космостук медицина*). СССРде Ав. м. 1918-ж. Царицынды коргоо учурунан баштап өсүп өркүндөп келатат.

АВИАЦИЯЛЫК СПОРТ — авиация ж-а абада учуу б-ча спорттун түрлөрүнүн бирикмеси. 1905-ж. түзүлгөн эл аралык авиац. федерацияга СССР 1935-ж-дан бери мүчө. 1959-ж. ДОСААФ БКнын алдында спорттун бул түрү б-ча СССР авиац. федерациясы уюштурулган. А. с-ко авиамоделизм, планеризм, парашютизм ж-а жеңил самолётто учуу спорту кирет. А. с. Кырг-нда 1934-ж. пайда болгон. Фрунзедеги авиац. клубда көп сандаган атактуу учкучтар, алардын катарында эки жолу Сов. Союз. Баатыры Т. *Бевельдинов* тарбияланган. Азыр республикада А. с-тун 25 мастери бар, алардын ичинен И. Иванников — авиамоделизм б-ча дүйнөнүн рекордсмени.

АВИАЦИЯЛЫК ФИЗИОЛОГИЯ — учуу убагында адам ж-а жаныбарлардын организминдеги өзгөрүүлөрдү изилдөөчү физиологиянын бөлүгү, к. *Авиациялык медицина*.

АВИС ДИНАСТИЯСЫ — португалиялык королдордун династиясы (1385—1580). Аның негиздөөчүсү Авис ордениинин луу магистри Жуан 1 болгон. А. д. бийлигинин кезинде сословиелик монархия калыптанып, королдордун чексиз бийлиги күчөгөн (1580). Король Эмрика өлгөндөн кийин, А. д-нын бийлиги бүткөн.

АВИТАМИНОЗ (*а...* ж-а витамин дер) — организмге керектүү витаминдери жок сапатсыз тамак-аш м-н узак убакыт тамактануудан болуучу оору. Мис., А витамини жетишсиздигинен көздүн коруусу начарлайт. Эгер организмде С витамини жок болсо, цинга, В₁ витамини аз учураса, бери-бери, D витамини жетишпесе итий м-н ооруйт. Мындан башка да организмде бир нече витаминдин тобунун жетишсиздиги (полиавитаминоз) байкалат. Булардын жетишсиздигинен организмдин сыртқы шарттардын зыяндуу таасирине туруктуулугу начарлайт. А. оорусун алдын алууда организм үчүн керектүү болгон витаминге бай тамак-аш м-н тамактанын, таза абада көп жүрүү керек.

АВИТАМИНОЗДОР—малдын ж-а башка айбандардын организминде көп убакытка витаминдер жетишпегендиктен пайда болуучу ылаңдар. Эгерде ылаң организмде витаминдердин мүчүлүштүгүнөн чыкса — гиповитаминоз, бир гана түрдүү витамин жетишпесе — моноавитаминоз, бир нече түрү кемчил болсо, полиавитаминоз деп аталат. Витаминдердин жетишсиздигине жараша төмөнкү А. кезигет: А — авитаминоз, В — авитаминоз, С — авитаминоз, Д — авитаминоз, Е — авитаминоз, К — авитаминоз, Н — авитаминоз, РР — авитаминоз, А — авитаминоз (май ичме) жем, чөптө каротин затынын кемчилинен же жоктугунан пайда болот. Ылаңдаган малдын көзүнөн ириң куюлуп, чарасы бөксөрүп, кечке жуук көрбөй калат. Ылаңга чалдыккан музоо, кулун, козу, улак ж. б. бою өспөй, бүрүшүп, баса албай, ичи өтүп арыктайт. В — авитаминоз — «В» тобундагы витаминдердин организмде жетишсиздигинен чыккан ылаң. В — авитаминоз м-н чочко, ит ж-а куштар ылаңдайт. РР — авитаминоз — тороңдун, күчүктүн ж-а жөжөнүн ылацы. Мында тери, ичеги-карын ж-а нерв системаларына доо кетет. С — авитаминоз (скорбут, цинга) м-н ургундай чочко, ит, илбээсин, анда-санда жылкы ылаңдайт. Д — авитаминоз (итий) — организмде Д витамининин жетишсиздигинен чыккан өнөкөт ылаң. Бардык малдын толуңун итий болушуна себепкер. Е—авитаминоз—рациондо Е — витамининин кем же жоктугунан чыгуучу ылаң. Бул ылаңдын кесепетинен ургаачы мал кысыр калып, эркек мал тукум бербей калат. А-дон сактоонун негизги эрежеси — малды рацион б-ча аш болумдуу заттары мол, витаминдери жетиштүү ар кыл тоют м-н багып, жайытты зоотехникалык эрежелер б-ча пайдалануу ж-а короо-сарайларды зоогигиеналык талаптарга ылайык кармоо.

АВИТЕЛЛИНОЗ (Avitellinoses) — авителлина тукумуна кирүүчү тасма мите курт козгоочу ылаң. Мите курт кепшөөчү малдын ичегисинде уялап, анда өсүп жетилет. А. О. Азияда, Казакстанда, Закавказьеде, Молдавияда, Түш. Украинада, Кыргызстанда койдун, төөнүн, Ы. Чыгышта бугунун арасында таралган. Мис., козу жайдын орто ченинде эле А-го чалдыга баштайт, күзүндө ж-а кийинки жылы жазында өлүм-житим көп болот. А-го чалдыккан мал темтеңден, башын оңго-солго чулгуйт; колу-буту калтырап, тишин кычыратат, жүдөңкү тартып, кээде чычкактайт. Дарт бир нече саатка созулуп, мал өлүмгө учурайт. А-го каршы чарбадагы төл вет. кызматкердин көрсөтүүсү б-ча дегельминттөөдөн өткөрүлөт.

АВИЦЕННА, к. *Ибн. Сина*.

АВЛАКОГЕН (гр. áulax — бороз, жөөк, genos — туулуш, пайда болуу) — *платформадагы* дайыма козголуп туруучу жер кыртышынын созулуп жаткан тилкеси. А-дин жөнөкөй түрлөрү алыска созулуп жаткан жарака калар м-н чектелип, уз. 100—1000 *км* ге жеткен, туурасы куушу (10—100 *км*) келип, терең (5—10 *км* ге чейин) ойдундардан турат. А. көбүнчө платформанын чегинде жайгашат, кээде аны кесип өтүп, жанаша жаткан геосиниклиналга кошулат. Татаал А-дер бир нече ойдуң м-н жалчалардан турат. А-дерде кээде базальт тектери жолугат ж-а көпчүлүк учурда таш туз аралашкан чөкмөлөрдүн калың катмарлары пайда болот.

АВОГАДРО ЗАКОНУ — идеалдык газдардын негизги закондорунун бири; бул закон б-ча бирдей темп-рада ж-а басымда алынган түрдүү газдардын барабар көлөмдөрүндөгү молекулалардын саны бирдей. Итал. физик Авогадро ачкан (1811), 1860-жылдан баштап физика ж-а химияда кеңири колдонулууда. А. з-нан төмөндөгү негизги тыянактар келип чыгат: 1) ар кандай газдын грамм-молекуласы кадимки шарттарда (0°С ж-а 760 *мм сым. мам*) 22,416 *л* көлөмдү ээлейт; 2) бирдей темпрада ж-а басымда эки газдын тыгыздыгы ρ_1 ж-а ρ_2 алардын молекулалык массаларына (M_1 ж-а M_1) түз, салыштырма көлөмдөрүнө (v_2 ж-а v_1) тескери пропорционалдуу: $\frac{\rho_2}{\rho_1} = \frac{V_1}{V_2} = \frac{M_2}{M_1}$.

АВОГАДРО САНЫ — ар кандай заттын бир грамм-молекуласындагы молекулалардын же жөнөкөй хим. заттардын грамм-атомундагы атомдордун саны. Бул сан итал. физик А. Авогадронун ысмынан аталып, N_A м-н белгиленет. А. с. физикадагы негизги универсалдык туракту сандын бири. Ал башка физ. туракту чоңдуктардын (Больцман, Фарадей сандарынын) маанилерин аныктоодо колдонулат. Анын өте так мааниси (1965) $N_A = (6{,}02252 \pm 0{,}00028) \cdot 10^{23}$ моль$^{-1}$ (ат. м-нын көмүртек шкаласы б-ча).

АВОКАДО, аллигатор алмуруту (pergea) — лавр тукумундагы дайыма көгөрүп туруучу мөмө дарагы. 10—20 *м* ге чейин өсөт, гүлү агыш, мөмөсү кара көк же каралжын, бир уруктуу, салм. 250—600 *г*. Дүйнөдө онго жакын түрү бар. А. борпоң топурак, күр жерде жакшы өсөт. Жер шарынын тропиктик ж-а субтропиктик р-ндорунда (АКШда, Бразилияда, Гавай а-дарында) кеңири таралган. СССРде тажрыйба катарында ГССРдин Кара Деңиз жээгинде тигилген.





Бир түп А. 150—200 *кг* түшүм берет. Мөмөсүндө 30% май, 1,6—2,1% протеин, B_1, B_2, С, Д ж. б. витаминдер болот. Даамы жаңгактыкындай. Андан бутерброд, салат даярдалат.

АВРАН (gratiola) — поричниктер тукумунун бир уруусу, чөп өсүмдүктөр. Гүлдөрү агыш, мала кызыл, жалбырагы сабакка туштап жайгашкан. А. уруусунун 24 түрү бар, алар негизинен жер шарынын тропиктик эмес областтарында өсөт, СССРде 2 түрү бар. Дарылык А.— көп жылдык, төшөлүп өсүүчү тамыр сабактуу. Саздуу жерлерде, өзөн бойлорунда, жайылмаларда өсөт. СССРдин европ. бөлүгүндө Закавказьеде, Бат. Сибирде, ал эми О. Азияда болсо, Түркмөнстанда гана кездешет. Дары ж-а өтө уу өсүмдүк, составында глюкозиддер бар. Ал элдик медицинада дарылыкка колдонулат.

АВРЕЛИЙ Марк (121—180) — 161-жылдан Рим императору. Антоний Пийдин асыранды баласы. Бюрократтык аппаратты ж-а закон чыгаруучу тартипке келтирүүгө умтулган. 162—166-ж. парфиялыктарга каршы жүргүзгөн согушу Арменияда протекторатын калыбына келтирүү ж-а Месопотамияны басып алуу м-н аяктайт. 166—180-ж. Дунай боюндагы провинцияларга кирип келген германдыктар м-н сарматтарга каршы согуш жүргүзөт. Тынымсыз согуштар империяны начарлатып, элди тукулжуратат. Адин тушунда, 172-ж. Египетте эл көтөрүлүшү чыгат.

«АВРОРА» — Балтика флотундагы Улуу Окт. соц. революциясына активдүү катышуу м-н даңкы чыккан крейсер. 1903-ж. курулган; суугa сыймд. 6731 *т*, жүрүү ылдамд. 20 узел; 152 *мм*, 8,75 *мм*, 24 *мм* ж-а 37 *мм* лик 8 замбирек м-н жабдылган. 1904—05-жылда орус-япон согушунда цусима салгылашуусуна катышкан. Февр. рев-яның убагында, 28-февр. (13-март) 1917-ж. Петроградда турган «А.» крейсеринин матростору көтөрүлүш чыгарышып, кемеде бийликти өз колдоруна алышкан. Петрограддагы Аскердик-рев. комитеттин буйругу б-ча 25, 10 (7. 11). 1917-ж. крейсердин матростору комиссар А. В. Белышевдин жетекчилиги м-н Николаевск (азыр лейтенант Шмидт атн.) көпүрөсүн алып, Кызыл Гвардия отряддарына Васильевск

«Аврора» крейсери.



а-нан шаардын борборуна өтүүгө мүмкүндүк берген. 25-октябрда (17-нояб.) жерг. убакыт б-ча 21 *с* 45 *мин* да «А.» күру дүрмөт м-н Кышкы сарайды алууга белги берген ж-а анын десанты күралдуу көтөрүлүшкө тике катышкан. 1927-ж. 2-ноябрда революцияга катышкандыгы үчүн крейсер Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 1948-ж. 17-ноябрда Улуу Окт. соц. рев-яның эстелиги катары «А-ның» Невада түбөлүк туруусу белгиленген. 1957-ж. «А.» крейсеринде Борб. аскер-деңиз музейинин филиалы ачылган. «А.» 1968-ж. 22-февралда Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланды.

Ад.: Пронин М. П., Легендарный крейсер, 2 изд., Л., 1960; Кулешов И. М., Бурковский В. В., Крейсер «Аврора», Л., 1962.

АВСТРАЛИЯ (лат. australis — түштүк) — Түш. Жарым шардагы материк. Түндүктөн түштүккө 3200 *км*, батыштан чыгышка 4100 *км* созулуп жатат. Батышынан ж-а түштүгүнөн Инди океаны, чыгышынан ж-а түндүгүнөн Тынч океандын Тасман, Коралл, Тимор, Арафур деңиздери чулгап жатат. Жээктери начар тилмеленген, ири булуңдары: түндүгүндө Карпентария, түштүгүндө Чоң Австралия, эң чоң ж. а-ы — Кейп-Йорк. А.— материктердин эң кичинеси. Аянты 7631,5 миң *км*² (Тасмания, Кенгуру, Мелвилл ж. б. а-дарын кошкондо, 7704,5 миң *км*² ге жакын). А-ның чыг. жээгинде 2300 *км* созулган Чоң Тоскоол риф а-дары жатат.

Табияты. Орографиясы. А-ның көпчүлүк бөлүгү түздүк (95%ке жакыны деңиз деңг. 600 *м* ден ашпайт). Негизги орографиялык бөлүктөрү: 1. Бат. Австралия бөксө тоолору жатат. 2. Борб. ойдуңу. Бийикт. деңиз деңг. 100 *м* ге чейин. Эйр көлүнүн айланасы — А-ның эң чуңкур жери, деңиз деңг. 12 *м* төмөн турат. 3. Чоң-Суу бөлгүч кырка тоосу — материктин чыг. жээктеринде 4000 *км* созулуп жаткан орто бийиктиктеги (1000—1500 *м*) үстү жалпак тоолордун тизмеги. Чыг. капталдары тик ж-а өтө тилмеленген, батышы жантайыңкы, тектирчелиңин, деболүү белестерге (даунстарга) айланат. А. Альпысында материктеги эң бийик чоку Косцюшко (2230 *м*) жайгашкан. А-ның аарыкы рельефи узакка созулган денудациянын натыйжасында пайда болгон. Байыркы фундаментгин пенеплендешкен көтөрүңкү жерлери — бөксө тоолорго, чөккөн жерлери түздүктөргө айланган.

Геол. түзүлүшү ж-а пайдалуу кен байлыктары. А-ның көпчүлүк бөлүгүн байыркы А. платформасы, чыг. жээгин протерозойдо ж-а палеозойдун башында пайда болгон Чыг. А. геосинклиналдык бүктөлүү алкагы өзөлөт. Платформа м-н геосинклиналдык алкакта негизинен архей, протерозой, палеозой заманларынын терриген чөкмөлөрү, метаморфизмделген жанар тоо ж-а карбонат тоо тектери жатат. Алардын арасында көп сандаган гранит интрузиялары бар. Чыг. А. алкагында триас мезгилинен тартып жаңы платформалар пайда боло баштаган. Юра-палеоген мезгилдеринде бүктөлүү алкактардын ордунда ж-а аларга жанаша жаткан байыркы платформалардын чет жакаларында бир катар ойдундар — синеклизалар келип чыккан. А-да алтындын (Бат. А.), уранднын (Рам-Джанго



Мельбурн м-н Джилонг ортосундагы райондун пейзажы.

с у. Орт. бийикт. 400—500 *м*, чет жакалары көтөрүңкү: чыгышында Масгрейв (Вудрофф чокусу, 1440 *м*) ж-а Макдоннелл (Зил тоосу, 1510 *м*) кырка тоолору, түндүгүндө Кимберли массиви (бийикт. 936 *м*), батышында чокулары жалпак Хамерсли (бийикт. 1226 *м* ге чейин), түш.-батышында Дарлинг (бийикт. 582 *м*) кырка тоолору жатат. 3. Борб. ойдуңу. Бийикт. деңиз деңг. 100 *м* ге чейин. Эйр көлүнүн айланасы — А-ның эң чуңкур жери, деңиз деңг. 12 *м* төмөн турат. 4. Чоң-Суу бөлгүч кырка тоосу — материктин чыг. жээктеринде 4000 *км* созулуп жаткан орто бийиктиктеги (1000—1500 *м*) үстү жалпак тоолордун тизмеги. Чыг. капталдары тик ж-а өтө тилмеленген, батышы жантайыңкы, тектирчелиңин, деболүү белестерге (даунстарга) айланат. А. Альпысында материктеги эң бийик чоку Косцюшко (2230 *м*) жайгашкан. А-ның аарыкы рельефи узакка созулган денудациянын натыйжасында пайда болгон. Байыркы фундаментгин пенеплендешкен көтөрүңкү жерлери — бөксө тоолорго, чөккөн жерлери түздүктөргө айланган.

Геол. түзүлүшү ж-а пайдалуу кен байлыктары. А-ның көпчүлүк бөлүгүн байыркы А. платформасы, чыг. жээгин протерозойдо ж-а палеозойдун башында пайда болгон Чыг. А. геосинклиналдык бүктөлүү алкагы өзөлөт. Платформа м-н геосинклиналдык алкакта негизинен архей, протерозой, палеозой заманларынын терриген чөкмөлөрү, метаморфизмделген жанар тоо ж-а карбонат тоо тектери жатат. Алардын арасында көп сандаган гранит интрузиялары бар. Чыг. А. алкагында триас мезгилинен тартып жаңы платформалар пайда боло баштаган. Юра-палеоген мезгилдеринде бүктөлүү алкактардын ордунда ж-а аларга жанаша жаткан байыркы платформалардын чет жакаларында бир катар ойдундар — синеклизалар келип чыккан. А-да алтындын (Бат. А.), уранднын (Рам-Джанго жж. б.), полиметаллдын (*Брокен-Хилл кени*), бокситтин (Бат. Квисленд ж. б.), темирдин (Хамерсли кырка тоосу ж. б.), көмүрдүн (Чыг. А.) пи кендери бар. Кийинки жылдарда А-ның бир топ райондорунан (Чоң-Артезиан бассейни, Викториянын жээктери, Бат. А., Амадиес ойдуңу) нефть ж-а газдын кендери табылды.



Гигант эвкалипт.

Климаты. А-нын көпчүлүк бөлүгү тропиктик, түндүгү субэкватордук, түштүгү субтропиктик кендиктерде жатат. Күндүн суммардык радиациясы дайыма жогору болгондуктан, материкте ысык темп-ра басымдуулук кылат. Жайкы (XII, I, II) изотермалар 20, 28°С, кышкы (VI, VII, VIII) 12, 20°С. Абс. максимум 53,1°С Клонкарриде (Квинсленд) байкалган. Абс. минимум ички райондорунда —4°, —6°С ге чейин төмөндөйт, А. Алпыларында —22°С ге жеткен. Материктин тропиктик алкакта жатышы ж-а кендиги, чыгышынан бийик кырка тоо м-н тосулушу климаттын кургак болушуна шарт түзөт. А-нын жеринин 38% не (ортолук бөлүгү) жылына 250 *мм* ге жетпеген жаан жаайт, бирок жайкы муссондун ж-а Тынч океандан келген нымдуу абанын таасири м-н өлкөнүн түн. ж-а чыг. жээктерине жылына 1500—2000 *мм* ге чейин жаан жаайт (Кэрнсте, 2243 *мм*).

Мельбурн. Ботаникалык бак.



Ички суулары. Кургак чөлдүү климат басымдуулук кылгандыктан, А. ички сууларга жарды. Суу агымынын жылдык жалпы көлөмү 350 *км*³ (башка материктердегиге караганда аз). Өлкөнүн көпчүлүк бөлүгүндө анда-санда пошөрлөп жааган жайкы жаандан пайда болгон сайлар («криктер») бар. Ири д-сы — Муррей (Марри), уз. 2570 *км*, анын ири куймасы — Дарлинг, уз. 2740 *км*. А-да байыркы көл чанактары көп. Алар жаан-чачын жааганда гана сууга толот, калган убакта шор басып жатат (Эйр, Торренс ж. б.). А. жер астындагы (1,5—2 *км* терендиктеги) сууларга бай. Борб. ойдуңунда жайгашкан Чоң Артезиан бассейни (аянты 1736 миң *км*²) — дүйнөдөгү жер астындагы суу бассейндеринин эң ириси.

Топурагы. А-да негизинен тропиктик, түштүгүндө субтропиктик топурактар басымдуулук кылат. Бөксө тоолору шагылдуу, ойдуңдары кумчополуу ж-а шор топуракту. А-нын нымдуу түп.-бат. ж-а чыг. жактарын жарым чөлдүү, кызыл күрөң ж-а кызыл латериттик саванна топурагы эзелейт. Түн. ж-а чыг. нымдуу жээктерин кызыл сары латериттик ж-а күлдүү, саздуу, шордуу топурактар кантап жатат. Чоң-Суу бөлгүч кырка тоосунда топурактар бийиктик *зоналуулукка* ылайык жайгашкан. Дыйканчылыкка жеринин 2% гана пайдаланылат. А-да өсүмдүктөрдүн 129 миңден ашык түрү бар, анын 75% эндемиктер. Материктин чет жакалары дайыма көгөрүп туруучу нымдуу тропиктик токойлор, өзгөчө эвкалипт м-н канталган. Өлкөнүн континенттик ички бөлүктөрүнө негизинен саванналар мүнөздүү. Жарым чөлдүү райондордо бадалдар (скрэбдер), чөлдөрдө дандуу өсүмдүктөр басымдуулук кылат. Булардын жайыт катары маанили чоң. А. байыркы эндемиялык айбанаттар м-н мүнөздөлөт. Мында кезигүүчү куштардын 700гө жакын түрүнүн 67% эндемик. Дүйнөдө кезигүүчү баштыктуулардын көпчүлүгү (кенгуру, баштыкчан карышкыр, баштыкчан кундуз ж. б.) А-да жашайт. Туяктуулар ж-а жырткычтар жок. Аңчылыктын ж-а чарбачылыктын натыйжасында айбанаттардын көө бир түрлөрү жок болуп кеткен.

Табигый райондору. А-нын түздүктөрүндө тропиктик ж-а субтропиктик алкактар орун алган. Алардын ичинде басымдуулук кылган тропиктик зонада чөл, асыресе, кумдуу чөл ландшафттары кеңири таралган. Байыркы латерит кыртышы капталган бөксө тоолор м-н платолорду таштуу чөлдөр м-н сейрек учуроочу ксерофиттүү бадалдар өзөлөп жатат. Субэкватордук алкакта (18° түш. кеңдиктен түндүктө) ландшафт типтери алмашып жайгашат. А. 3 табигый аймакка бөлүнөт (Батыш А. бөксө тоосу, Борб. түздүк ж-а Чоң-Суу бөлгүч кырка тоосу).



Эвкалипт токоюндагы корук.

Изилдөө тарыхы. Европалыктардан 1-болуп 1606-ж. голл. саякатчылар А-нын жээктерин изилдеп чыгып, аны Жаңы Голландия деп аташкан. 1798—1803-жылдарда 3 жолку экспедиция убагында англ. деңиз саякатчысы М. Флиндерс материкти бүт айланып чыгып, Чоң Тоскоол рифин ж-а бир катар булуңдарды изилдеп, Жаңы Голландияны Австралия деп атоону сунуш кылган. А-нын ички болуктөрүн изилдөөдө (1813—1817-жылдардан тартып) англичандар (Ч. Стерт, Э. Дж. Эйр, Р. Бёрк, Дж. Стюарт ж. б.) зор эмгек сиңирген. Поляк П. Стшелецкий 1840-ж. материктин эң бийик чокусу Косцюшкону ачкан.

Ад.: Физическая география частей света, М., 1963; Мухин Г. И., Австралия и Океания, М., 1967; Свет Я. М., История открытия и исследования Австралии и Океании, М., 1966; Вопросы геологии Австралии, М., 1965.

АВСТРАЛИЯ АЛЫПЫСЫ — Австралиянын түш.-чыгышындагы тайпак тоо; Чоң-Суу бөлгүч кырка тоосунун эң бийик тарабы. Уз. 400 *км*, туурасы 150 *км* ге чейин, бийик. 1700—2000 *м* (Косцюшко тоосу, 2230 *м* — материктин эң бийик жери). А. А. негизинен чокмо тоо тектерден турат. Бийик болуктөрүндө антропоген мезгилиндеги муз каптоонун изи байкалат. А. А-нын түн.-бат. капталынан Муррей (Марри) д-сы башталат. 1200—1300 *м* ге чейин калың токой, андан жогору бадал ж-а тоо шалбаасы өсөт.

АВСТРАЛИЯ МЕРИНОСУ — уяң жүндүү кой. Жүнү сапаттуулугу м-н айырмаланат. 18-к-дын аягында Англиядан, Испаниядан ж-а Германиядан алынып келинген меринос койдун негизинде Австралияда чыгарылган. Кийинчерээк, 1850—80-ж. аларды аргындаштыруу ишине франция рамбулье ж-а америка вермонттору катышкан. Аргындаштыруунун натыйжасында дене түзүлүшү ж-а жүнүнүн сапаты жагынан айырмасы бар бир нече типтеги уяң жүндүү кой чыгарылат. Файн кою саксон мериносунан жакшыртылып алынган. Кочкорунун тирүүлөй салм. 70 *кг*, соолугу 35—40 *кг*. Жаан-чачынчыл, мелүүн климаттуу жерлерде таралган. Медиум кою Австрал. м-нун негизги тобун түзөт. Кочкорунун тирүүлөй салм. 75—85 *кг*, соолугу 40—44 *кг*, жүнү 64-сапаттуу. Ушул эле типтеги Нонпенин кою жүнүнүн 70-сапаттуулугу м-н өзгөчөлөнөт. Ал кургак, түзөң, от жайыттарда асыралат. Стронг кою эң чоң келет. Кочкорунун тирүүлөй салм. 80—95 *кг*, соолугу 42—48 *кг*. 58—60-сапаттуу 5—10 *кг* жүн кыркылып алынат. Кургак талаалуу р-пдордо өстүрүлөт. Австралиядагы 170 млн. койдун 80% ин түзөт. Австрал. м-нун негизинде



түш. африка мериностору, СССРде грозный ж-а алтай кою чыгарылган. Австрал. м-нун кочкорлору асыл тукумдаштыруу максатында (1971) Кыргызстанга да алынып келинген.

АВСТРАЛИЯ ПЛАТФОРМАСЫ, к. *Австралия.*

АВСТРАЛИЯ СОЮЗУ.

Жалпы маалымат. А. С. — Британиялык Ынтымактын составындагы мамлекет. Ал — Австралия материгинде, Тасмания а-да, Флиндерс, Кинг, Кенгуру ж. б. майда а-дарда орношкон. Аянты 7,7 млн. *км*². Калкы 13,1 млн. (1972). Борбору — Канберра. Инди океанындагы Кокос (Калинг), Рождество (Кристмас) а-дарын, Тынч океандагы Макуори, Норфолк; Херд ж-а Макдональд а-дарын А. С. контролдойт.

А. С. админ. жактан 6 штатка ж-а 2 аймакка бөлүнөт. Табияты ж-до к. *Австралия.*

Мамлекеттик түзүлүшү. А. С-нун мамлекеттик түзүлүшү — конституциялык монархия; мамл. түзүлүшүнүн формасы — штаттардан турган федерация. Бул штаттардын ар биринин өзүнчө конституциясы, бийлик ж-а башкаруу органдары бар. Түндүк терр-я ж-а Федералдык борбор территориясы өзүнчө админ. бөлүккө бөлүнөт. А. С. Брит. Ынтымак составына кирет. Анын азыркы конституциясы 1900-ж. кабыл алынган. Закон жүзүндө мамл. башчысы — Улуу Британиянын королу (1952-жылдан — королева Елизавета II), өлкөнү королеванын атынан ал дайындаган ген.-губернатор башкарат. Чындыгында ген.-губернатордун полномочиесин А. С-нун өкмөтүнүн министрлер кабинети аткарат. Закон чыгаруу бийлиги королдун башкаруусунан ж-а эки палатадан (сенат ж-а өкүлдөр палатасынан) турган парламент жүзөгө ашырат. Сенат — федералдык өкүлдүктүн органы. 6 штаттын ар биринин калкы 10дон сенатор шайлашат. А. С-да өкүлдөр палатасын шайлоо мөөнөтү 3 жыл, 21 жашка толгон ж-а А. С-да кеминде 6 ай жашаган бардык граждандарга шайлоо укугу берилет. Аборигендерге, о. эле Азия, Африка өлкөлөрүнөн ж-а Тынч океандын аралдарынан келгендерге шайлоо укугу берилбейт. Шаарларда, графтыктарда, округдарда ж. б. жерлерде шайланма муниципалдык советтери түзүлөт. Жерг. башкаруу органдарынын компетенциясына саламаттыкты сактоо, жол чарба иштери, мектептерде балдарды окутуу ж. б. маселелер кирет. Жерг. органдардын иштерин штаттарды башкаргандар жөнгө салып турат (ар бир штатта жерг. башкаруунун департаменти болот).

Калкы. А. С-нун калкынын антроп. составы ар түрдүү. Аборигендер (жерг. адамдар) австрал. расага кирет. Калгандары ар кыл антроп. типтерге, көбүнчө европеоид расасына кирет. А. С-нун азыркы калкынын негизги бөлүгү — Британия а-дарынан көчүп келген англичандар, ирландиялыктар ж-а шотландиялыктардын укум-тукумдары. Дээрлик кырылып жок болгон жерг. калктан калгандар (40 миңден бир аз көбүрөөк адам, 1966) өлкөнүн ич жагында гана жашайт; метистешкен (аргындашкан) калк (40 миңден ашык адам) көбүнчө шаардын чет жакаларында ж-а айыл жерлеринде турат. Калкынын басымдуу көпчүлүгүнүн тили ж-а мамл. тили — англис тили. А. С-нун калкы дини б-ча негизинен христиандар. 1963—72-жылдын ичинде калкынын саны жыл сайын орто эсеп м-н 2% ке жакын өскөн. Шаар калкы 84% (1970). А. С. — дүйнөдөгү калкы сейрек өлкөлөрдүн бири. Калкы бир кылка жайгашкан эмес. Ири ш-лары: Мельбурн, Сидней, Аделаида, Брисбен, Перт, Канберра.



Сидней. Гайд парки.

Тарыхый очерки. Австралиянын жергиликтүү калкынын ата-бабалары Түш. Азиядан эң кийинки палеолит мезгилинде көчүп келишкен. Англия колониялаштыра баштаганга чейин (18-к. аягы) болжол м-н 250—300 миңдей жергиликтүү калк (австралиялыктар) жашаган. Алар аң уулап, өсүмдүктөрдүн мөмөлөрүн, жер-жемиштерди чогултуп күн өткөрүшкөн. 1788-ж. (азыркы Сидней) англиялык биринчи кыштак пайда болгон. 1868-ж-га чейин Улуу Британия Австралияны сургунге айдай турган жер катары пайдаланган. Колониялаштыруу жергиликтүү калкты кырып жоюу м-н кошто жүргүзүлгөн. Англия Австралияда капит-тик негизде ири чарбачылыгын өнүктүрдү. 19-к-дын 2-жарымында жеңил, тамак-аш ж-а тоо-кен иштетүү ө. ж. бир кыйла өнүккөн. 19-к-дын орто ченинен тартып, алтын кендери табылгандан кийин иммиграция абдан өскөн (1900-ж. өлкөнүн калкы 3756 миңден ашкан). Узак убакыт күрөш жүргүзүү м-н жер которуп келгендер 19-к-дын 50-ж-дарында ич ара өзүн-өзү башкаруу укугун алышкан. 1901-ж. колониялар — А. С-на биргиин, доминион укугуна жетишти. 19-к-дын аягында ж-а 20-к-дын башында австрал. капитализм импер. стадиясына өтөт. 1906-ж. Улуу Британия Папуа колониясын

Брисбен. Шаардын коруучусу.





Мельбурн. Шаардын жалпы көрүнүшү.

аракеттерине катышат. 1942-ж. 10-октябрда А. С. м-н СССРдин ортосунда дипломаттык мамиле түзүлөт.

1-дүйнөлүк согуштан кийин, А. С. Улуу Британия м-н өзүнүн тыгыз байланышын сактап кала берди ж-а АКШга да коз карандылыгы күчөдү. А. С. агрессивдүү АНЗЮС (1951) ж-а СЕАТО (1954) согуштук блокторуна кирет. 1954-ж. СССР м-н дипломаттык мамилеси бузулуп, 1959-ж. калыбына келди. 1949—72-ж-да бийликтин башында Либералдык ж-а Агрардык партиялардын коалициялык өкмөтү турган. 50-ж-дардын башында компартияга тыюу салуу аракети эмгекчилердин чечкиндүү күрөшүнүн натыйжасында жүзөго ашпай калды. 1965—72-ж-да Австралиянын аскер бөлүктөрү АКШ тарапта болуп, Вьетнамдагы агрессивдүү согушка катышты. 1972-ж. кезектеги парламенттик шайлоодо Лейбористтик партия жеңишке жетишти. Лейбористтер өлкөдө чет өлкөлүк компаниялардын ишине чектөө киргизди, милдеттүү түрдө аскерге чакырууну тыйды, аскер адистерин Түш. Вьетнамдан чакыртып алды, Түш.-Чыг. Азиядагы согуштук блоктордун ишин токтотууну жактады. 1968-ж. Наурунун көз каранды эместиги жарыяланды, 1973-ж. Папуа — Жаңы Гвинея «ички иштерин өзү толук башкаруу укугун» алды. 1972-ж. Соц. партиялын уюштуруу съезди болуп, бул партия өзүнүн ишинде марксизмдин—ленинизмдин ж-а пролет. интернационализмдин принциптерин жетекчиликке алууда.

Саясий партиялар. Австралиянын Лейбористтик партиясы. 19-к-дын 90-жылдарында пайда болгон. Либералдык партия 1944-ж. уюшулган, ал ири буржуазиянын таламдарын жактайт. Агрардык партия 1916-ж. негизделген. Ири жер ээлөөчүлөрдүн ж-а мал өстүрүүчүлөрдүн, ошондой эле а. ч. м-н байланышкан финанс. капиталдын таламдарын колдойт. Демократиялык-лейбористтик партия Лейбористтик партиядан чыгып калган оңчул элементтерден (1955—1958) түзүлгөн. Коммунисттик партия 1920-ж., Социалисттик партия 1972-ж. негизделген. Булар марксизмдин-ленинизмдин ж-а пролет. интернационализмдин принциптерин жактайт.

А. С. профсоюздарынын жалпы саны 2437 миң адам (1971). Профсоюздук эң ири борбор — Профсоюздардын австрал. Совети болуп саналат. Ал 1927-ж. негизделет. Анын 1,8 млн-дой мүчөсү бар.

Экономика-географиялык очерк. А. С.— капитализм жогору деңгээлде өнүккөн индустр.-агрардык өлкө. Экономикасында чет өлкөлүк капиталдын (АКШнын, Улуу Британиянын, Япониянын, ГФРнын, Франциянын) позициялары бир кыйла күчтүү. А. С. капит. дүйнөдө койлордун саны, жүн кыркып алуу ж-а жүндү, кантты экспорттоо, коргошун өндүрүү, рутилдин концентраттарын өндүрүү б-ча 1-, эттин экспорттоо б-ча 2-, буудайды экспорттоо б-ча 3-орунда, буудайдын түшүмүн жыйнап алуу б-ча, о. эле таза коргошунду чыгаруу б-ча 4-орунда турат. А. С-нун экономикасына иштетилүүчү ө. ж-дын тез өнүгүшү мүнөздүү. 1968-ж. бүткүл продукциянын таза наркынын 70,4% иштеп чыгаруучу ө. ж-дын үлүшүнө, 22,5% а. ч-ның үлүшүнө, 5,4% тоо-кен өндүрүшүнүн үлүшүнө, 1,7% карагай чарбасынын, аң уулоонун, балык кармоонун ж. б. тармактардын үлүшүнө туура келген.

А. С. ар түрдүү пайдалуу кендерге бай. Негизги отун-энергетика базасы — таш көмүр, анын кендери Жаңы Түш. Уэльс м-н Квинсленд штаттарында жайгашкан. Нефть Квинсленд (Мунн), Бат. Австралия (Барроу а-ы) штаттарында ж-а Бассово кысыгындагы (Виктория штаты) жээктин тайыз жерлеринде, газ — Квинсленд, Түш. Австралия, Бат. Австралия, Виктория штаттарында ж-а Түш. терр-ясында өндүрүлөт. 1971-ж. 58 млрд. *квт·с* электр кубаты иштелип чыгарылган, мунун 79% ин ТЭСтер иштеп чыгарган. А. С. темир рудасына, бокситтерге, полиметалл рудаларына, алтынга, марганец ж-а никель рудаларына бай.

1970—71-ж. продукциянын таза наркынын 42,1% — металлургия ж-а машина жасоого, 16,8%— тамак-аш ө. ж-на, 8,8%—токуу, кийим-кече тигүү, булгаары-бут кийим ж-а трикотаж ө. ж-на, 8,7%— химия, 8,4%— кагаз ж-а полигр. ө. ж-ларына, 5,1%— карагай тилүү, жыгачтан буюм жасоо ж-а мебель ө. ж-ларына, 10,2%— башка тармактарга (электр кубатын кошо эсептегенде) туура келген. Кара металлургиянын ири комбинаттары (1972—73-ж. 7,3 млн. *т* чоюн, 7,4 млн. *т* болот эритилген) Ньюкасл, Порт-Кембла, Вуллонгонг, Уаялла, Куинапа, Уандони ш-ларында курулган; Белл-Бей ш-да ферромарганецтин өндүрүшү бар. Түстүү металлдардын алгачкы эритүүсү Порт-Пирн (күмүш, коргошун, жез), Маунт-Айза (жез), Порт-Кембла (жездин, алтындын алгачкы ж-а таза эритүүсү) ш-ларында өндүрүлөт. Электролит жолу м-н Риддондо (Хобарт, Тасмания ш-ларынын чет жакасында) жез, коргошун, цинк, кобальт; Белл-Бейде, Пойнт-Хенриде (Джилонгга, Викторияга жакын жерде) алюминий; Порт-Огаста магний алынат. А. С. автомобилдерди, а. ч. машиналарын, станокторду, өнөр жайга керектүү жасалгаларды, локомотивдерди, жүк ташуучу кемелерди, электр-тех. продукцияны, ар кыл химикаттарды, кислоталарды, жаргыч заттарды, жер семирткичтерди ж-а гербициддерди, пластмассаларды, синтет. каучукту, синтет. була чыгарат (Мельбурн, Сидней, Ньюкасл, Аделаида, Перт, Джилонг). Рокхемптон, Таунсвилл, Гладстон, Брисбен, Сидней, Мельбурн ж. б. порт шаарларда ири эт-аш комбинаттары бар. Май жасоочу ж-а сыр кайнатуучу ө-ддор өлкөнүн чыгышында ж-а түн.-чыгышында, саан уйлар өстүрүлүп жаткан жерде орношкон.

Фримантл порту. Австралия.



А. С.— ири жер ээлөөчүлөрдүн өлкөсү. Пайдаланылып жаткан жерлердин 82%тен ашыгы 4 миң гектардан 40 миң гектарга чейин жери бар фермалардын жалпы санынын 3,6%ин түзгөн мончок ээлеринин колуна топтолгон. 1960—70-ж. пайдаланылып жүргөн а. ч. жерлеринин жалпы аянтынын 91% табигый жайыттар, 9% маданий жайыттар, буулантмалар ж-а а. ч. өсүмдүктөрү өгүлө турган аянттар ээлеген. А. С-нун айыл чарбасында сугаруунун зор мааниси бар. Башкы а. ч. өсүмдүгү — буудай, арпа, сулу, бал камышы. А. ч. продукциясынын таза наркынын 60% не жакынын мал чарбасы (кой чарбасы, эт үчүн өстүрүлүп жаткан бодо малдар, саан уйлар) берет. 1972-ж. (млн. баш эсеби м-н) 27,4 уй, 3,2 чочко, 162,9 кой болгон. Токойдун аянты 93,7 млн. *га*. Т. ж. тармактарынын уз. 40,3 миң *км* ге жетет (1971—72). Батыштан чыгышка карай Перт ш-нан Порт-Огастага чейин трансконтинеттик магистрал кетет. Шоссе жолдорунун уз. жасалма төшөөсүн кошкондо 902,8 миң *км* (1971). Ири порттору: Ньюкасл, Фримантл (Куинана м-н бирге), Порт-Кембла, Сидней, Джилонг, Мельбурн. Аба жол катнашы бир кыйла өнүккөн. Экспорттун структурасында а. ч. продукциясы (1972—73-жылдардагы экспорттун наркынын 49%) негизги роль ойнойт, анын 17,2% — жүнгө, 4,6% — буудайга ж-а буудай унуна, 13,4% — суутулган ж-а муздатылган этке, 4% — кантка, 1,7% — жемишке, 9,4% — рудаларга ж-а концентраттарга, 4,6% — таш көмүргө туура келет. Импортто машиналар м-н механизмдер 36,1% отонун ичинде автомобилдер — 8,2%, нефть ж-а майлоочу майлар — 4% эзелейт. А. С-нун СССР ж-а соц. башка өлкөлөр м-н соода-сатыгы кеңейип жатат. Акча бирдиги—австрал. доллар (1966-жылдын февралынан тартып), СССР Мамл. банкынын курсу б-ча 1971-жылдын 1-февралына австралиялык бир доллар 1 сом 01 тыйынга барабар.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. 1970-ж. А. С-да ар миң адамга эсептегенде төрөлгөндөр 20,5, өлгөндөр 9,7, балдардын өлүмү тирүү төрөлгөн ар миң балага 17,9%ти түзгөн. А. С-нун геогр. жактан башка материктерден алыс турушуна байланыштуу бул өлкөдө карантин оорулары жокко эсе. Анда инфекциялык эмес патологиялар көп кездешет. 1969-ж. А. с-да 147,6 миң койкалык 2182 оорукана (1000 адамга 12 койка) болгон. Университеттердин медициналык факультеттери врачтарды даярдайт.



Австралия. Мелвилл кысыгы. Жергиликтүү калк аңчылыкка чыгаар алдында жоокердик бийи аткарууда.

1966-ж. 13697 врач, 3467 тиш доктору, 8374 фармацевт ж-а 77237 мед. сестра иштеген.

Эл агартуу, илим жана илимий мекемелери (билим берүү системасы, агартуу илимий мекемелери). А. С-да эл агартуу системасы 19-к-да негизделген. Ага штаттардын агартуу министерлору жетекчилик кылат. Бончулук штаттарда 6 дан 15 жашка чейин милдеттүү окуу киргизилген. Мектепке чейинки мекемелер негизинен өзүмдүк болгон. Башталгыч мектептер (мамл. ж-а өзүмдүк) 6 жылдык; орто мектептер негизинен 5 жылдык; көпчүлүк мектептерде академиялык, тех., а. ч. ж. б. профилдер бар. 1968-окуу жылында башталгыч мектептерде 1768 миңге жакын, орто мектептерде 890,5 миң окуучу окуган. Проф. тех. билимди 3—4 жылдык профтех. мектептер; атайы орто билимди — тех. колледждер берет. 1968-ж. 190 миңге жакын адам профтех. даярдыктан өтүшкөн. А. С-да 14 ун-т, тех. ин-ттар ж. б. бар. 1968-окуу жылында вуздарда 164,5 миң студент окуган. Ири китепканалары: Канберра, Сидней, Мельбурн ш-да. Негизги музейлери: Сиднейде Австралия музейи, Мельбурнда Улуттук Виктория галереясы ж. б. бар.

Басма сөз, радио угузуу, теле көрсөтүү. А. С-да чыгуучу негизги басма сөздөр: «Геральд» (1840), «Сидней морнинг геральд» (1831), «Дейли телеграф» (1879), «Канберра таймс» (1926), «Эйдж» (1854). «Дейли миррор» (1941), «Сан» (1910), «Сан геральд» (1949), «Санди Телеграф» (1938), «Санди Миррор» (1958), «Трус» (1889), «Буллетин» (1880), «Нейшен» (1958), «Острейлиан файнаншел ревью» (1951) ж. б. бар. Эң ири информ. агентствосу Мельбурн геральд. 1923-жылдан баштап радио угуузуулар, 1956-жылдан бери теле көрсөтүүлөр жүргүзүлөт.

Адабият жана искусствосу. А. С-нун ад-ты 19-к-дын башында англ. тилинде өнүгө баштады. Колония мезгилинде австрал. жазуучулар өзүлөрүн 18—19-к. англия ад-тынын мурасчылары катары эсептешкен. Акырындан чыг-ларда улуттук белгилер пайда болот. Австрал. турмуштун реалисттик сүрөттөрү М. А. Кларктын «Өмүр бою камалуу» (1872) романында чагылдырылган. Ад-тта демокр. агымдардын пайда болушуна 1880-ж. чыга баштаган «Бюллетень» журналы зор түртүү берген. 1-дүйн. согуш ж-а Окт. рев-ясы А. С. ад-тынын өсүшүнө чоң таасир тийгизди. Акын Фёрнли Морис милитаризмге каршы чыкты («Сак адамдар» жыйнагы, 1920). К. С. Причард ж-а В. Пальмер социалдык ири романдарды жазышты. 2-дүйн. согуштан кийин өлкөдөгү демокр. кыймылды, социалдык карама-каршылыктын күчөшүн реалист-

Кембрий үңкүрлөрүндөгү мифтик сүрөттөр. Орто Австралиядан табылган оюлуу калкан. Жыгач кабыгына түшүрүлгөн кенгурунун сүрөтү.



тик планда сүрөттөө м-н ийгиликке жетишти. Австралия улутунун тагдырын баяндаган Э. Дарктын «Мезгилден сырткары өлкө» (1941), «Доордун кысымы» (1948), «Тоскоолдук жок» (1953) романдары, Причарддын «Токсонунчу жылдар» (1946), «Алтын чакырымдар» (1948), «Канаттуу үрөндөр» (1950) аттуу трилогиясы пайда болду. Согуштан кийинки ад-ттагы көп кездешүүчү тема — жумушчу кыймылы Пальмердин «Голконда» (1948), «Үрөн себүү мезгили» (1957), «Көрүнүктүү ишмер» (1959) романдарында чагылтылды. Д. Хьюэтт, М. Кэлсорп, А. Маршалл өңдүү романчылар азыркы күндүн проблемаларын чечүүгө умтулушту. А. С-нун ад-тында аңгеме жанры өнүгүп, профессионалдык драматургия жанры жанданды. М. Брэндин пьесалары колониализм м-н расизмдин бетин ачты. Г. Ибсендин салтында жазылган Х. Портердин «Мунара» (1963) аттуу тарыхый пьесасы пайда болду.

Австралиянын аборигендери колонизацияга чейин үңкүрлөрдө, алачыктарда жашаган: алардын ыйык деп аталган буюмдарынын, калкандын, бумерангдын беттерине түшүргөн оймочиймелеринде шарттуу магиялык символдор реалисттик белгилер м-н айкалышкан. 18-к-дын аягынан тартып европалык басып алуулар мезгилинде шаарлар өсө баштайт. Англ. неоклассикалык ж-а неоготикалык түрдөгү аз кабаттуу, таштан жасалган түз бурчтуу имараттар курулат. Сүрөт иск-восунун башталышы 18—19-к-дардагы К. Мартенстин, С. Т. Гиллдин чыг-лары м-н мүнөздөлөт. 19—20-к-дарда А-нын пейзаждарын, эмгекчи ж-а жөнөкөй адамдардын пендечилик турмушун көрсөткөн реалисттик — улуттук мектеп өнүгө баштайт. Мунун көрүнүктүү өкүлдөрү: Т. У. Робертс, А. Стритон, Х. Хейсен ж. б.

А. С-нун жерг. калкынын элдик муз. чыг-чылыгына ырды аткарганда, бумеранг м-н бумерангды же атайын таякчалар м-н уруп ыргагын коштоп аткаруу мүнөздүү. Ыр ж-а муз. м-н көбүнчө корробори — оюн-зоок, диний ырым-жырым бийлери коштолот. 18-к-дын аягында А. С. Англиянын колониясы болгондон кийин, Европанын, айрыкча Англиянын элдик музыкасы таралат. 19-к-дын 30-жылдарында Сиднейде аспаптык, вокалдык муз. концерттер уюштурулуп, 1833-ж. Сидней филармониялык коому түзүлөт. 1843-ж. мында итал. операнын 1-спектакли, 1847-ж. австрал. опера коюлат. 1844-ж. австрал. филармониялык коому, андан кийин А. С-нун бардык ири ш-ларында филармониялык ж-а хордук коомдор уюштурулат. 1954-ж. улуттук опера, балет ж-а драманы өнүктүрүү б-ча коомдук уюм, «Австрал. елизаветтик театр трести», 1951-ж. Сиднейде улуттук опералык компания түзүлөт. Көрүнүктүү комп-лору: А. Хилл, Дж. Антилл, А. Бенджамин, дирижёр Б. Хейнце, скрипач Б. Кимбер, ырчы Н. Мелба ж. б.

Алгачкы театр көрсөтүүлөрү 18-к-дын 80-жылдарда эле болгон. 19-к-да Сидней ж. б. ш-ларда туруктуу театрлар түзүлө баштаган. 19-к-дын 2-жарымында театрлар трестке бириккен. 20-к-дын башталышында театр иск-восу финансы ж-а чыг-чылык кризиске учураган. 10—30-жылдарда прогрессчил адабий — театр бирикмелери активдүү өнүгүп, улуттук театрдын түзүлүшүндө зор мааниге ээ болгон. 1936-ж. өз демилгелүү коллективдер «Жаңы театр лигасына» бириккен, бул «жаңы театрлардын» ачылышына көмөк көрсөтөт. 1954-ж. «Австралиянын елизавета театр трести» түзүлүп, ал профессионалдуу австралия театрын өнүктүрүү максатын көздөгөн. 50—60-жылдарда профессионалдык балет белгилүү ийгиликтерге жетишкен (1973-ж. труппа СССРге да келген). «Коммерсия театрлары» көп таралып (Сидней, Мельбурнда), алар абдан өнүккөн. Драма иск-восунун ин-ту ж-а студия-мектеп актёрлорду ж-а режиссёрлорду даярдайт.

Кино өндүрүшү 1900-ж. башталат. 1-дүйн. согуштун учурунда согуш, жеңил комедия сюжетиндеги фильмдер коюлат. А. С-да документ кинолору өтө жакшы өнүккөн, мында голл. реж. Й. Ивенстин 1944—45-жылдарда тартылган «Индонезия чакырат» деген фильми зор таасир тийгизген. Чет өлкөлүк кинокомпаниялардын башкаруусу, амер. англ. ишкерлердин кинопрокатты өз колуна алуусу улуттук кино өндүрүшүнүн өнүгүшүнө жолтоо болууда.

Ад.: Экономика стран мира, М., 1968; М у х и н Г. И., Австралия и Океания, М., 1967; Р о с с Э., Великий Октябрь и рабочее движение Австралии (пер. с англ.) М., 1957; Х е й н ц е Б., Музыкальная культура Австралии, «Советская Музыка», 1959, № 1.

АВСТРАЛИЯ ТИЛДЕРИ — Австрал. жерг. элдин тили (бардыгы 600дөн ашуун тил, алардын ичинен 450гө жакыны кийинки 100 жылдын ичинде жоюлуп кеткен). Типологиялык жактан А. т. мүчөлөмө (тагыраак айтканда, префикстешүүчү-суффикстешүүчү ж-а суффикстешүүчү) тилдердин тобуна кирет. Префикстешүүчү тилдер континенттин түндүгүндө (Арнемленд, Кимберли ж. а-дарында, Дампирдин жеринде), ал эми суффикстешүүчүсү Австрал. калган бөлүктөрүнө, о. эле Арнемленддин түш.-батышына ж-а Кейп-Йорк ж. а-на тараган. А. т-нин бардыгында алардын тектеш экендигин күбөлөндүргөн байыркы лексиканын жалпылыгы сакталган. А. т-нин жазмасы жок.

АВСТРАЛИЯ ЧОҢ БУЛУҢУ — Инди океанындагы булуң. Австралиянын түш. жээгинде, Пейсли м-н Банкс тумшуктарынын ортосунан орун алган. Аянты 484 миң *км²*. Тереңд. 5080 *м* ге чейин. Чыг. бөлүгүндө Спенсер, Сент-Винсент булуңдары материкке терең кирип турат. А. ч. б-нан Кенгуру а-ы орун алган. Ташкындоонун бийикт. 3,6 *м* ге жетет. Ири порту — Аделаида.

АВСТРАЛИЯЛЫК-АЗИЯЛЫК ЖЕР ОРТОЛУК ДЕҢИЗДЕР — Тынч океанынын тропиктик батыш тарабынан, Австралия м-н Азия материктеринин ортосунан орун алган аралдар аралыгындагы деңиздердин тобу. Жалпы аянты 8 млн. *км²*. Тереңд. 8547 *м* ге чейин. Алардын ирилери: Түш. Кытай, Ява, Сулавеси, Сулу ж-а Банда деңиздери.

АВСТРАЛИЯЛЫКТАР—1. Австралиянын жерг. калкы (аборигендер). 18-к-дын аягында бүт материкке тараган, саны 250—300 миң киши. А-дын ичинде тили ж-а раса жагынан дүйнөнүн башка элдеринен айырмаланган 500 дөн ашык уруу болгон. Ар бир уруу өзүнчө диалектиде сүйлөгөн. А. 19-к-га чейин алгачкы общиналык коомдо жашап, мезолит доорундагыга окшогон таш куралдарды пайдаланышкан. Ар бир уруу терр-я ж-а экон. жагынан бири-бирине баш ийбеген бир канча топко бөлүнгөн. 18-к-дын аягынан баштап европ. колонизаторлор А-дын көпчүлүгүн кырып, калгандарын Ички Австралиянын кунарсыз жерлерине сүрүшкөн. 1966-ж. 40 миң гана А. калган. Азыркы А-дын экон. оор абалы расалык дискриминациянын айынан ого бетер кыйындап жатат. 2. Улут, Австралиянын негизги калкы, саны 13154 миң киши (31. 3. 1973). Англис тилинин австралия диалектинде сүйлөйт. Дини б-ча христиандар. А.— Англиядан, Шотландиядан ж-а Ирландиядан көчүп баргандардын тукумдары. Австралияга Брит. а-дарынан көчүп баруу 1788-жылдан башталып, Порт-Джексон (келечектеги Сидней) деген англ. отурукташуу жайы орногон. 19-к-дын 20-жылдарында Австралияда кой чарбачылыгы тез өнүгө баштаган кезде гана Англиядан ыктыярдуу көчүп келүү күчөгөн. Австралиядан алтын табылгандан кийин, Англия ж. б. өлкөлөрдөн көптөгөн эмигранттар келген. 1851—61-жылдын ичинде Австралиянын калкы 3 эсеге жакын өсүп, 1 млн-дон ашкан. 19-к-дын жарымында Австралияда акырындык м-н өзүнүн ө. ж-ы өнүгүп, улуттук бурж. ж-а жумушчу табы калыптана баштайт. 1900-ж. Австралиянын колониялары федерацияга биригишет. 20-к-дын башында Австралиянын жалпы улуттук экономикасы биротоло чыңдалып, А-дын улуттук биригүүсү ылдамдайт. А-дын маданияты Брит. а-дарынан көчүп келген элдердин маданиятынын негизинде түзүлгөн.

АВСТРАЛИЯНЫН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (АКП) 1920-ж. октябрда Сиднейде уюштуруу съездинде негизделген. Тыюу салынгандыктан, 1940-жылдан 1942-жылга чейин подпольеде иштеген. АКП Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык Кеңешмелерине (1957, 1960, Москва) катышып, алардын документтерине кол койгон. 1960-жылдын орто ченинен АКП саясий багытын өзгөртө баштады. АКПнын 22-съезди (1970, март) кабыл алган «АКПнын максаттары, методдору жана уюму» деген жаңы программасы марксизм-ленинизмге негизделген жок. АКПнын делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын 1969-ж. (Москва) өткөн эл аралык Кеңешмесине катышса да, анын жыйынтыктоочу документине кол койгон жок. АКПнын мындай саясатына каршы чыккан Австралия коммунисттеринин чоң тобу 1972-ж. өз алдынча Австралия соц. партиясын түздү. Ал өз иш-аракеттерин марксизм-ленинизмдин, пролет. интернационализмдин негизинде жүргүзөрүн жарыялады. АКПнын жогорку органы — съезд. Борб. органы — «Трибюн» газетасы, теориялык органы — «Острейлиан» журналы.

АВСТРАЛОРП — Австралияда чыгарылган эт-жумуртка багытындагы тоок. Корозунун тирүүлөй салм. 3,5—3,9 *кг*, мекиянын — 2,5—2,9 *кг*. Жылына — 150—180, чыгааны 250—300 жумуртка тууйт. Жумурткасы күрөң, салм. 55—62 *г*. А. Австралия, АКШ, Түш. Африкада таралган. СССРде Эстонияда, Ленинград обл-да, Кырг-нда, Кабардин-Балкар АССРинде, Краснодар крайында кездешет.

АВСТРИЯ, А в с т р и я р е с п у б л и к а с ы.

Жалпы маалымат. А. Европанын Борб. бөлүгүндө.



Түндүгүнөн ГФР ж-а Чехословакия, чыгышынан Венгрия, түштүгүнөн Югославия ж-а Италия, батышынан Швейцария ж-а Лихтенштейн м-н чектешет. Аянты 83,8 миң *км²*. Калкы 7456 миң (1972). Борбору — Вена (1609 миң киши, 1972).

Мамлекеттик түзүлүшү. А.— федеративдик республика. Ал 9 провинцияга бөлүнөт (Вена да провинция катары эсептелет). Азыр колдонулуп жаткан Конституциясы 1920-ж. (1929-ж. өзгөрүүлөр киргизилген) кабыл алынган. Мамл. башчысы — калк 6 жылга шайлаган президент. Жог. закон чыгаруучу органы — парламент, ал эки палатадан: Улуттук советтен (4 жылга шайланган 165 депутат) ж-а Федералдык советтен (аймактардын ландтагдары шайланган 64 депутаттан) турат. Шайлоо укугу 19га толгон бардык граждандарга берилген. Аткаруу бийлигин канцлерден (президент дайындаган), вице-канцлерден ж-а министрлерден турган өкмөт ишке ашырат. Ар бир аймактын (жердин) өзүнүн конституциясы ж-а калк тарабынан 4 төн 6 жылга чейин шайланган өз парламенти — ландтагы бар.

Табияты. А-нын жери тоолуу, анын $^3/_4$ бөлүгүнө жакынын Чыг. Альпы кырка тоолору (бийик чокусу Гросглокнер, 3797 *м*), $^1/_5$ бөлүгүн Дунай өрөөнү, Штирия ж-а Бургенланд ойдуңу (түздүк), калган бөлүгүн Боген массивинин анчалык бийик эмес тоолору ээлеп жатат. Түздүктөр м-н тоо этектеринин климаты мелүүн континенттик, батышында бир кыйла нымдуу. Январдын орт. темп-расы —1°C ден —4°C ге чейин, июлдуку 15—18°C. Жылдык жаан-чачындын саны 500—900 *мм*; тоолорунда 1500—2000 *мм*. А-нын терр-ясынын көп бөлүгү Дунай алабына, четки батышы Рейн алабына кирет: Дунай А. терр-ясында 350 *км* ге созулуп агат. 500гө жакын көлдүн көбү мөңгүдөн пайда болгон. А-нын терр-ясынын 38%ке жакыны токой. 2000ден 2700—3000 *м* деги альпы шалбаасы — мыкты жайыт. Токой зоналарында, көбүнчө коруктарда Европада сейрек кездешүү айбанаттар: европа бугусу, багыш, элик, аюу, доңуз, тоо бүркүтү сакталып калган.

Калкы. Калкынын көбү (97%) австриялыктар. Андан тышкары словендер, хорваттар, венгрлер, еврейлер ж-а сербдер м-н цыгандардын айрым топтору жашашат. 1972-ж. өлкөдө 186,5 миң чет өлкөлүк жумушчу (жалпы чарбада иштегендердин 7,4%) болгон. Мамл. тили — немец тили. Калкынын 90% инен арбыны католик чиркөөсүнө, 6%инен арбыны — протестант — лютеран чиркөөсүнө чокунат. Калкынын табигый өсүш динамикасы төмөн. Экон. активдүү калкы (1970) 3,3 млн. киши, алардын ичинен ө. ж-да ж-а кол өнөрчүлүгүндө 41%, айыл ж-а токой чарбасында 20%. Трансп. ж-а байланышта, тейлөө тармактарында — 39%. Калкынын 70% инен арбыны өлкөнүн аянтынын 20% ке жакынын ээлеген Вена алабында, Дунай ж-а Рейн өрөөндөрүнө, Штирия м-н Бургенлад түздүктөрүндө жашайт. Калктын 65%ти шаарлыктар; Ири шаарлары: Вена (1609 миң киши, 1972) Грац, Линц, Зальцбург, Инсбрук.

Тарыхый очерки. 6-к-да азыркы А-нын терр-ясында герман (баварлар) ж-а славян (словендер) уруулары отурукташкан. 8—9-к-да А-нын бардык терр-ясы Франк мамл-нин составында болуп, ал кулаган соң (843), Чыг. Франк королдугуна кирет. 10-к-дын 2-жарымында Чыг. маркасы түзүлүп, 996-ж. ал Чыг. областы деп аталат. 1156-ж. азыркы А-нын түн.-чыг. бөлүгүндөгү бул терр-я «Ыйык Рим империясынын» составындагы герцогдукка айланат. 1282-ж. Габсбургдар А. герцогдуктарынын герцогдору болушат. Алардын ээлеген жерлери 12—14-к-да Штириянын, Каринтиянын, Биролдун ж. б. терр-ларын кошуп алуудан кеңейтилет. 16-к-да Түш.-Чыг. Европага Осмон империясынын (Турциянын) чабуул коюп турган убагында 1438-ж-дан баштап Габсбургдар Чехияны, Силезияны, Венгриянын бир бөлүгүн (толугу м-н 17-к-дын аягында), түш. славян жерлеринин бир бөлүгүн ээлеп алды; Габсбургдардын көп улуттуу империясы куралып, А. анын саясий борбору болду. 18-к-да Габсбургдар Түш. Нидерланддарды (Бельгиянын терр-ясы), Италиянын көп жерин ж-а Польша м-н Бат. Украинанын бир кыйла бөлүгүн басып алган. Феод.-абс. А. мамл-и басып алган калкын зордоп германдаштыруу саясатын жүргүздү. 18-к-дын ортосунда Германияда үстөм кылуу үчүн А. м-н Пруссиянын ортосундагы тирешүү күчөйт. А. Франциядагы рев-яга каршы интервенция жасоого демилге көтөрдү ж-а ага катышты, о эле наполеондук Франция м-н болгон согуштарга катышты. Наполеон жеңилген соң, А. бытырап бөлүнгөн Германияда (1866-ж-дагы Австрия—Пруссия согушунда өзү жеңилгенге чейин) таасири өтө күчөп, 19-к-дын 1-жарымында феод.-абс. монархиянын тирегине айланган. А-да ө. ж. пролетариатынын калыптануусу 19-к-дын 30—40-ж-дарынан кийин гана башталып, жай өнүккөн. А. империясындагы таптык ж-а улуттук карама-каршылыктар 1848—49-ж-дагы рев-я убагында бөтөнчө күчөдү. 1859-ж. Италия ж-а Франция, 1866-ж. Пруссия ж-а Италия м-н болгон согуштарда А. жеңилип, Италиядагы ээлеген жерлеринен ж-а герман мамлериндеги таасиринен ажырады. Көп улуттук А. мамл-де кризис күчөдү. Ушундай шарттарда А-нын башкаруучу таптары Венгриянын помещиктери м-н бүтүмдөшүүгө өттү. А. империя дуалисттик, экилтик монархияга — Австрия-Венгрияга (А.-В.) кайра курулду (1867), алардын өз өкмөттөрү түзүлдү. 1879-ж. А.-В. Германия м-н 1-кезекте Россияга ж-а Францияга каршы союз түздү. 19-к-дын 60-ж-дарынын аягында А-га марксизм таркай баштады. Жумушчу кыймылы Россиядагы 1905—07-ж-дагы рев-янын таасири м-н бир кыйла күчөдү. А.-В. 1-дүйнөлүк согушта (1914—18) Германиянын негизги союздашы болуп, бир катар жеңилиштерге учурады. Согуштун аягында анда рев-ялык улуттук-боштондук кыймылы күчөдү; буга Улуу Окт. соц. рев-ясы зор түрткү берди. Ноябрдын башында А-нын компартиясы түзүлдү. 1918-ж. окт.-ноябрда Габсбургдар монархиясында бурж. рев-я жеңип чыкты. Көп улуттуу империя кулап, анын ордуна бурж. мамл-тер — Австрия, Венгрия, Чехословакия түзүлдү, А.-В-нын мурда ээлеген жерлеринин бир бөлүгү Польшанын, Румыниянын ж-а Югославиянын составына кирди. 12-ноябрда А. бурж. респ-ка болуп жарыяланды. 1919-ж. 10-сентябрда А. м-н Антанта державаларынын ортосунда *Сен-Жермен тынчтык договоруна* кол коюлду. 1920-ж. 1-октябрда А. респ-касынын конституциясы кабыл алынгандан кийин өткөрүлгөн парламентке шайлоодо Христиандык-социал партиясы (1878—1938-ж-да болгон партия) 1-орунду ээледи. Бул партиянын өкүлдөрү 20—30-ж-дарда А-нын дээрлик бардык өкмөттөрүн түзүп турду. А-нын экономикасы 20-ж-дарда абдан начарлады. Ушундан улам австр. буржуазиянын бир бөлүгү А. мамл-ин жоюу ж-а аншлюс жасоо (Германиянын составына кошуу) үчүн аракеттенген. А-нын экономикасына 1929—33-ж-дагы дүйнөлүк экон. кризис оор кесепетин тийгизди. Таптык карама-каршылык курчуду. Өкмөт башкаруунун фаш. методуна өтө баштады. 1933-ж. парламент таратылып, басма сөз ж-а чогулуш эркиндиги жок кылынды, компартияга тыюу салынды. 1934-ж. февралда реакциянын чабуулуна каршылык көрсөтүшкөн Вена жумушчуларынын куралдуу көтөрүлүшү ырайымсыздык м-н басылды. С.-д. партиясы ж-а профсоюздар таркатылды. 1938-ж. мартта фаш. Германия А-ны басып алды. 1943-ж. СССР, АКШ ж-а Улуу Британия А. ж-дөгү декларацияга кол коюшуп, А-ны көз каранды эмес, эркин болууга тийиш деп билдиришти. 1945-ж. жазында А. нем. фашисттердин үстөмдүгүнөн куткарылды. А. бошотулгандан кийин өлкө оккупацияланган 4 зонага: советтик, америкалык, англиялык, франциялык зоналарга бөлүндү. А-да саясий партиялардын иштешине уруксат этилди. Сов. Союзу А-ны бошотууда чечүүчү роль ойноду. 1945-ж. 27-апрелде Венада К. Реннер башкарган коалициялык убактылуу өкмөт түзүлдү. 1946—48-ж. А-да оор ө. ж-лары м-н банктардын бир кыйла бөлүгү мамлекеттештирилди. Бирок өлкөнүн экономикасындагы башкы позиция капит. монополиялардын колунда калды, А-да АКШнын ж-а Батыштын башка өлкөлөрүнүн монополисттик капиталы мурдагыдай эле зор роль ойноп берди. 1955-ж. 15-майда СССРдин, АКШнын,



Мозербоден суу сактагычы.

Улуу Британиянын, Франциянын ж-а А-ның өкүлдөрү көз каранды эмес ж-а демокр. Австрияны калыбына келтирүү ж-дө Мамл. договорго кол коюшту. Ага ылайык 1955-ж. 25-октябрда оккупациялык аскерлерди А-дан чыгарып кетүү аяктады. 1955-ж. 26-октябрда А-ның бейтараптыгы, анын согуштук союздарга кошулбоосу ж-а австр. терр-яга чет өлкөлүк согуш базаларынын түзүлүшүнө жол берилбөөсү ж-дө парламент закон кабыл алды. А-ның бейтараптыгын дүйнөдөгү мамл-гердин көпчүлүгү таанылды. 1955-ж. декабрда А. ООНго кабыл алынды.

Саясий партиялары жана профсоюздары. Австриянын социалисттик партиясы (АСП) 1945-ж. негизделген. Соц. интернационалга кирет. 700 миңге жакын мүчөсү бар. Австриянын элдик партиясы (АЭП) 1945-ж. негизделген. Негизинен ири буржуазиянын ж-а жер ээлеринин таламдарын жактайт. 700 миңге жакын мүчөсү бар. Австриянын эркиндик партиясы (АЭП) 1955-ж. негизделген. Орто ж-а майда буржуазиянын, мурдагы нацисттердин өкүлдөрүн ж. б. бириктирип турат. Улуттук-демократиялык партия (УДП) 1966-ж. негизделген. Өзүнүн мүнөзү жагынан бат. герм. УДПга жакын партия. Австриянын коммунисттик партиясы (АКП) 1918-ж. негизделген. Австриянын профсоюздарынын бирикмеси МКСПге кирет. 1,5 млн-дон ашуун мүчөсү бар (1972).

Экономика-географиялык очерк. А.— мамлекеттик-монополисттик капитализм жогорку деңгээлде өнүккөн индустр.-агрардык өлкө. Өлкөнүн продукциясынын 42% ө. ж. м-н кол өнөрчүлүккө, 7,5% а. ч. м-н токой чарбасына туура келет (1971), о. эле а. ч., транспорт да өнүккөн. Чет элдик туристтерди (жылына 10 млн. киши) тейлөөдөн көп пайда түшөт. Улуттук продуктунун 25%тен ашыгыраагы чет өлкөлөргө чыгарылат, ошону м-н бирге көп сандагы сырьё, отун ж-а азык-түлүк да импорттолот. Тоо-кен ө. ж. тармактары да өнүккөн. Капит. дүйнөнүн ө. ж. продукциясынын 0,7% ке жакыны (1971) А-ның үлүшүнө туура келет. Өлкөдө ө. ж. өндүрүшү жогорку даражада концентрацияланып, чет элдик капиталдын салыштырма салмагы басымдуулук кылат.

Темир, коргошун, цинк ж-а жез рудалары казылып алынат. Магнезит алуу б-ча А. капит. дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Кайнатма туз ж-а графит алуунун маанеси да чоң. 2-дүйн. согуштун жылдарында пайда болгон нефть промысел чарбасынын, о. эле газ өндүрүүнүн мааниси зор. 1972-ж. (млн. *т* эсебинде): темир рудасы 4,1, күрөң көмүр 3,7, нефть 2,5, магнезит 1,4 өндүрүлгөн. Электр кубатын өндүрүү 29,3 млрд. *квт·с* (1972) жеткен. Электр кубаты көбүнчө (72%) Инн, Зальц, Дунай д-ларындагы ГЕСтер берет. Электр кубатынын бир кыйла бөлүгү ГФРге, Италияга экспорттолот. Энергиянын жалпы пайдаланышында нефть м-н табигый газдын ролу арттып, көмүрдүкү төмөндөөдө.

Иштетүүчү ө. ж-ның негизги тармактары: машина куруу ж-а металл иштетүү. Трансп. машина куруу ж-а электротехника, о. эле тоо-кен, металлургиялык, токуу, жыгач иштетүү ж-а тамак-аш, ө. ж-ларынын жабдууларын өндүрүү бир кыйла өнүккөн. 1972-ж. 2,8 млн. *т* чоюн, 4,1 млн. *т* болот, 131 миң *т* алюминий, бир аз сандагы жез, коргошун ж-а цинк эритилген. Химия ө. ж. азот жер семирткичтерин, күкурт к-тасын, жасалма буланы, пластмассаны, соданы, парфюмер продуктыларын өндүрүп чыгарат. Жеңил ө. ж-да негизги ролду токуу ө. ж. ойнойт. О. эле булгаары бут кийим, кийим тигүү, жыгач иштетүү да жакшы өнүккөн. Бүткүл а. ч. жерлинин (3,9 млн. *га*) 40% айдоо, 38% талбаа ж-а жайыт, 22% альпы шалбаасы. Майда чарба басымдуулук кылат. Негизги товардык продукцияны өндүрүүчүлөр—капит. фермалар. А. ч-сынын башкы тармагы — мал чарбачылыгы, ал. а. ч. продукциясынын бүткүл наркынын 60%тен ашыгын түзөт. 1972-ж. 2,5 млн-го жакын уй, 3,2 млн. чочко болгон. Айдоо аянтында дан эгиндери (буудай, кара буудай, жүгөрү) басымдуулук кылат, тоют өсүмдүктөрү 2-орунда, картошка, тех. өсүмдүктөр да эгилет. А-ның өзүндө өндүрүлгөн продукция анын азык-түлүккө болгон керектөөсүнүн 84%ин гана камсыз кылат.



Вена. Шварценберг аянты. Курман болгон советтик жоокерлерге коюлган эстелик.

Жүк ташуудагы негизги роль т. ж. транспортуна тиешелүү; т. ж. тармагынын $^1/_3$ бөлүгү электрлештирилген. Ички суу жолунун уз. 1733 *км*; Дунайда кемелер жүрөт. Башкы порттору: Линц, Вена. Швехат (Вена) аэропортунун эл аралык мааниси бар. 1972-ж. экспортунун жалпы наркы 120,6 млрд. шиллинг, импортунуку — 89,7 млрд. шиллинг болгон. 1972-ж. импорттун 56,0%, экспорттун 39% аның негизги соода шериктери болгон Европ. экон. коомдоштук (ЕЭС) өлкөлөрүнүн, ал эми импортунун 10,1%, экспорттун 12,5% соц. өлкөлөрдүн үлүшүнө туура келген. Акча бирдиги — шиллинг.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. 1971-ж. ар 1000 кишиге төрөлгөндөр 14,6, өлгөндөр 13,1, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 26,1 ди түзгөн. Жугушсуз оорулар басымдуулук кылат; жугуштуу оорулардын ичинен кургак учук, боткин оорусу ж. б. артыгыраак учурайт. 1971-ж. А-да 73,9 миң койкалуу 320 ооруканада (1000 кишиге 10,9 койка) 13,9 миң врач (530 кишиге 1 врач) иштеген, алардын ичинен 243 гана мамл. кызматчы болгон. Врачтарды Венадагы, Грандагы ж-а Инсбруктагы ун-ттер даярдайт.

Эл агартуу, илим, илимий мекемелери. А-да элге билим берүү ишине Федеративдүү эл агартуу мин-восу жетекчилик кылат. Элге билим берүү системасынын алгачкы эвеносу — 3—6 жаштагы балдар үчүн балдар бакчасы (1969-ж. аларда 114 миңден ашуун бала тарбияланган). 1969—70-окуу жылында милдеттүү түрдө окутуучу мектептерде 887 миң, орто мектепте 158 миң, профессионалдык билим берүү системасында 216 миң окуучу болгон. А-да Вена, Грац, Зальцбург, Инсбрук ун-ттери бар. Ар бирinde теология ф-теттери иштейт. Ири жогорку окуу жайларына Грацтагы ж-а Венадагы Жог. тех., Леобендеги Жог. тоо-кен мектептери кирет. 1969—70-окуу жылында вуздарда 56,3 миң студент окуган. Вуздарда окуу мөөнөтү 3—5 жыл. Ири китепканалары: Венадагы улуттук ж-а Грац, Инсбрук ун-ттеринин китепканалары. Негизги музейлери: Венада — Австр. галереясы; Көркөм тарыхый музей; Л. Бетховен, Й. Гайдн, В. Моцарт, Ф. Шуберт ж. б-дын музейлери. Австрия ИАсы (1874-ж.) ж-а бир катар илим. ин-ттар, илимий мекемелер бар.

Басма сөз, радио угузуу жана теле көрсөтүүсү — А-да 200дөн ашык газета-журнал басылып чыгат (1969). Маанилүүлөрү: «Винер цайтунг» — А. өкмөтүнүн официалдуу органы (1703); «Фольксблатт», «Арбайтер-цайтунг» (1889); «Фольксштимме» (1918); «Прессе» (1848); А-да информ. агентство—Австрия басма сөз агентствосу иштейт (АТА). А-ның радио угузуусуна ж-а теле көрсөтүүсүнө «Эстеррайхише рундфунк гезельшафт» коому жетекчилик кылат.

Адабияты. А-ның терр-ясында пайда болгон байыркы адабий эстеликтер 12-к-га таандык. Рыцардык маданияттын гүлдөгөн учурунда «Нибелунгдар жөнүндөгү ыр» (1200-жылга жакын) өтө белгилүү болгон. 12—13-к-да минезанг өнүккөн. 13-к-да шаарлардын күчөшү м-н бюргердик ад-т, негизги жанры—шванк өнүккөн (Штрикердин «Поп Амис» жыйнагы). 14—15-к-да Г. Тейхнер м-н Петер Зухенвирт дидактикалык ыр—шырухтарды жазышкан. Кайра жаралуу доорунда диндик мистерия м-н катар кийин австр. элдик комедияга негиз салган элдик сценкалар пайда болгон. 17-к-да падыша сарайларында ж-а монастырь мектептерде барокко стилинде жазылган тарыхый, мифологиялык темаларда пьесалар коюла баштаган. 18-к-дын 2-жарымында, абсолютизм үстөмдүк кылган учурда мамл. мекемелерде, мектептерде «тазаланган» немец тилин окутуу башталган (теоретиги — немец классицизминин өкүлү И. Готшед). Франция м-н болгон согуш мезгилинде Г. фон Коллин өзүнүн классикалык драмаларында («Регулда», 1801) өз гражданддыгынан курмандыкты талап кылуучу күчтү — мамл. бийликтин керектигин талап кылган. А-да Наполеондун өзүүсүнөн улам, улуттук аң-сезим ойгонуп, тарыхый темаларга кайрылуу күчөгөн. 1848-ж. рев-ялын жеңилиши, бурж-ның демокр. ураандардан баш тартышы бир катар адабиятчыларды коомдук проблемалардан четтетүүгө алып келген. Империализм доорунун башталышы ж-а бурж. мад-ттын кризиси 20-жылдарда декадентизмди жаратты. 1918—45-ж. ад-тагы көрүнүктүү орун публицист ж-а сатирик К. Крауска тиешелүү. Ал өзүнүн «Адам баласынын акыркы күндөрү» (1918—19) деген монументалдуу драмасында импер. согушту баштоочулардын бетин ачкан. Фаш. Германия А-ны басып алгандан кийин, андагы мад-ттын алдыңкы өкүлдөрү Мекенин таштап кетүүгө мажбур болушту. Эмиграцияда жүрүп Й. Рот, Р. Музиль, С. Цвейг, Ф. Верфель, Й. Луитпольд фашизмге каршы публицистикалык чыг-ларын жазышкан. 2-дүйн. согуштан кийин Х. Додерердин «Штрудльхофштиге, же Мельцер жана жылдар катмары» (1951), «Демондор» (1957), Ф. Хабектин «Жолборс минин жарышуу» (1958) романдары жазылган. Империя кулагандан кийинки А-ның тарыхына арналган Г. Фричтин «Ташка оскон эңгилчек» (1956), Х. Цандын «Оттун мурасчылары» (1961) чыг-ларында пайда болду. 1934-ж. жумушчу табынын фаш. реакция м-н болгон күрөшүн сүрөттөгөн Г. Зайконун «Камыш арасындагы адамдар» (1956) романы окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынды. 50—60-жылдарда таланттуу прозаиктер: Х. Айзенрайх, Ф. Гумлер, Ф. Кани, акындар: И. Бахман, А. Окопенко, Г. К. Артман, В. Шмид ж. б. өсүп чыкты.



Вена

Архитектурасы жана сүрөт искусствосу. А-ның аймагында алгачкы коом иск-восунун («Виллендорфтук Венера», палеолит), байыркы Рим мад-тынын эстеликтери, о. эле о. кылымдагы роман (11—13-к. Гурке ж-а Зеккаудагы чиркөөлөр) ж-а готика (13—15-к-дагы Венадагы ыйык Стефан собору) стилиндеги эстеликтер сакталып калган. Кайра жаралуу доорунун мад-тына (15—16-к.) шаардык имараттар, дворецтер, А. Пильграманын скульптуралары, В. Хубердин живописи кирет. А. иск-восунун өнүгүүсү Барокко доору (17—18-к.) м-н байланыштуу (арх-лор И. Б. Фишер фон Эрлах, Л. Хильдебранд ашкере кооздолгон дворец, чиркөө, монастырларды курушкан; скульпторлор — Б. Пермозер, Р. Доннер; дубалдарга түшүрүлгөн кооз чийме жазуулардын авторлору Ф. А. Маульберч ж. б.) 19-к-да архит-да классицизм, эклектизм сыртқы параддуулук м-н алмашылат (Г. Земпер, К. Хазанауэр), живописте романтикалык айкындык (И. А. Кох, М. Швинд), сырдаштык лиризм (Ф. Вальдмюллер, А. Петтенкофен, К. Шух) м-н алмашылат. 19—20-к-дын ортосунда «Модерн стили» пайда болот (Арх.-лор П. Ольбрих, О. Вагнер, Й. Хофман, живописчи Б. Климт). Андагы архит. стилди азыркы функционализм алмаштырды (А. Лоз., Й. Франк, Р. Райнер). Живопись м-н графикада экспрессия м-н фантастика (Э. Шиле, О. Кокошка, А. Кубин), скульптурада абстракционизм (Ф. Вотруба) өнүгөт.



Вена. Австрия парламентинин имаратынын алдындагы Афины Палладанын статуясы.

Музыкасы. А. музыкасынын өзгөчөлүгү калкынын көп улуттуу, мад-тынын ар түркүн болушуна байланыштуу. Элдик мад-тты тараттуучулардын өкүлү о. кылымдын башталышындагы эл кыдырып жүрүп ырдоочу ырчы, шпильмандар ж-а монахтар болгон. 15-к-да Вена, Инсбрук-та сарай капеллалары пайда болот 17—18-к. Венада чиркөө музык-сын, ораториялык чыг-ларды, опе-ларды жараткан итал. мектеп комп-лору (А. Чести, Н. Порпор Сальери ж. б.) жашап, эмгек



Австрия. Альпы шалбаасы.



Вена. Шаардын борбордук паркындагы И. Штраустун эстелиги.

17-к-дын ортосунда Венада опералык театр, 1741-ж. «Бургтеатр» курулуп, Вена опералык иск-вонун борборунун бирине айланат. 18-к-дын орто ченинде эски Вена мектеби түзүлөт (Г. К. Вагензейль, М. Мон ж. б.). 18-к-дын 2-жарымында Венада жаташкан немец комп-лору П. Гайдн, В. Моцарт, Л. Бетховен негиздеген Вена классикалык мектеби түзүлөт. 19-к-дын 1-жарымында австр. муз-да романтикалык багыттын баштоочусу Ф. Шуберт болгон. А.— вальстын мекени (19-к.). Бул жанрдын негиздөөчүлөрү И. Ланнер ж-а Штраустардын үй-бүлөсү болушкан. 19-к-дын акырында — 20-к-дын алгачкы он жылында он симф. ж-а «Жер жөнүндө ыр» симф. кантатанын автору Г. Малерге байланыштуу австр. симфонизм тарыхый өнүгүштөгү бийиктикке көтөрүлгөн. Бирок 30-жылдарда айрыкча, фаш. Герм. А-ны басып алгандан кийин (1938), А. муз-сы начарлай баштайт. Качан гана 1945-ж. Сов. Армия Венаны бошоткондон кийин, анын муз. иск-восу мурунку калыбына келтирилет. Венада (Вена мамл. опера, «Фольксопер», Камерный театр) ж-а Грацта опера театрлары бар. Концерт коомунун алдында, Вена филармониясынын ишмерлер коомунун алдында ж-а Венадагы Австр. радиосунун алдында симф. оркестр түзүлгөн. Вена, Зальцбург, Брегенц ш-ларында муз. фестивалдар өткөрүлүп турат.

Театры. А-ным театры 16-к-да түзүлө баштаган. Мурда өз алдынча эл кыдырып жүрүүчү оперпоз актёрлордун труппалары болгон. 18-к-дын башында актёр ж-а драматург П. Страницкийдин жетекчилиги м-н Венада биринчи стационардык улуттук театр (1712) түзүлгөн. 1741-ж. Венада «Бургтеатр» деп аталган «Король дворецинин алдындагы театр» ачылган. Бул театр чыныгы А. театр иск-восунун реалисттик салтын түзгөн актёрлордун бүтүндөй бир муунун тарбиялап чыгарган. 18-к-дын аягында Венанын чет жакаларында «Леопольдштадттеатр», «Иозефштадттеатр», «Виденертеатр» ж. б. театрлар ачылган. 1870—81-жылдары «Бургтеатрга» реж. Ф. Дингельштедт жетекчилик кылып, У. Шекспирдин трагедияларынын циклн м-н Л. Анценгрубердин, Г. Ибсендин пьесаларын койгон. 19-к-да театрдык иск-водо антидемокр. тенденция күчөй баштагандан тартып, «Бургтеатрдын» ишмердүүлүгү да басаңдап кеткен. 1918-ж. реж. ж-а актёр А. Хейне театрдын ишин кайрадан жандандырат. Гитлердик оккупация учурунда (1938—45) көп театрлар жабылып, «Бургтеатрдын» имараты кыйрайт. А-ны Сов. Армия бошоткондон кийин (1945), анын улуттук мад-ты кайра өнүгө баштайт. «Бургтеатр» — азыр А-ным эң корүнүктүү театры. Венадагы театрлардын ичинен «Иозефштадттеатр» ж-а «Фолькстеатр» белгилүү. Грац, Линц, Инсбрук ш-ларында театрлар бар. Мында классикалык ж-а азыркы учурдагы драматургдардын чыг-ларын үзгүлтүксүз коюлуп турат.

Киносу. А-да кинематогр. 1906-жылдан баштап пайда болгон. Адегенде кыска метраждуу фильмдер коюлган. А-лык биринчи көркөм фильм «Баскычтан баскычка» (1908-ж., реж. Х. Ханус) болгон. 1920—25-жылдар А-лык кинонун жогорулоо мезгили. Бул жылдары «Принц жана кайырчы» (1920, реж. А. Корда), «Содом жана Гоморра» (1922, реж. М. Кертиц) ж. б. фильмдер коюлган. 20-жылдардын ортосунан баштап, чет өлкөлүк фильмдерди алып келүү көбөйдү. Ада үндүү кино чыга баштагандан тартып, көп муз. фильмдер пайда болду («Маскарад», 1934, реж. В. Форст; «Эпизод» 1935, реж. В. Рейт). Өлкөдө фаш. режим орногондон кийин (1938) А-да кинематогр. өсүшү токтогон. 2-дүйн. согуш аяктагандан кийин, А-ным кинематогр. да калыбына келет. 40—50-жылдары «Узак жол» (1946, реж. Э. Хет), «Процесс» (1948), «Соцку аракет» (1956, реж. Г. В. Пабст), «Акыркы көпүрө» (1954, реж. Х. Койтнер) ж. б. фильмдер жаралат. 60-жылдарда А-ным киносу терең кризиске учурайт. А-ным кинематогр-сынын өсүшүнө болгон негизги тоскоол — мамл. тарабынан жардам бербегендик. А-да кинотеатрлардын саны жылдан жылга азаюуда (1962—1285, 1973—665).

Ад.: Турок В. М., Очерки истории Австрии, 1918—29, М., 1955; его же, то же 1929—38, М., 1962; Экономическая география зарубежных стран, М., 1968; Белецкий Н. В., Советский Союз и Австрия, М., 1962; Австрийская новелла XIX века, М., 1959; Друскин М. С., История зарубежной музыки, 3 изд., М., 1967.

АВСТРИЯ ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ 1847-ж. Венада Императордун илимдер академиясы катары негизделген, 1918-жылдан Илим академиясы, 1947-жылдан А. ИАсы болуп аталган. Матем., табият таануу илимдери ж-а филос., тарых илимдери деген эки секциядан турат. Академиянын 351 мүчөсү (1968), 100 миң томдуу китепканасы бар. А-да «Альманах» («Almanach»), эки сериялуу илимий эмгектердин «Көрсөткүчү» («Anzeiger»), «Заседаниелердин отчёттору» («Sitzungsberichte»), жалпы академиянын ж-а эки секциянын «Докладдары» («Denkschriften») басылып турат.

АВСТРИЯ-ВЕНГРИЯ — австрия-венгриялык монархия; 1867-ж. Австрия м-н Венгрияны бийлеп турган таптардын келишиминен улам Австрия империясын кайра курууга багытталган дуалисттик (экиден бириккен) мамлекет. Ал келишим б-ча Габсбургдар монархиясы Австрия империясы ж-а Венгрия короолдугу болуп экиге бөлүнгөн. Алар А.-В-ным суверендүү бөлүктөрү деп таанылган. А.-В-ны австр. император башкарган (Венгрия үчүн ал король болгон), анын бийлиги Австрияда — рейхсрат, Венгрияда сейм м-н формалдуу түрдө чектелген. Бүткүл А.-В. үчүн жалпы тышкы иштер, аскер ж-а деңиз, финансы министрлер, Австрия м-н Венгриянын өз алдынча мин-волору да болгон. А.-В-ным жалпы конституциясы болгон эмес. А.-В-ны түзүү м-н Габсбургдар империядагы улуттук-бошт. ж-а демокр. кыймылды басууга, Венгриянын биротоло бөлүнүп кетүү коркунучун жок кылууга умтулган. Австрия м-н Венгриянын үстөмдүк кылуучу таптарына таянган Франц Иосифтин өкмөтү көп улуттуу А.-В-дагы элдерди эзип турган. А.-В. 1918-ж. кулаган. Буга А.-В-ным 1-дүйн. согушта жеңилиши, Россияда Улуу Окт. соц. рев-янын жеңип чыгышынын таасирнен жумушчу ж-а улуттук-бошт. кыймылынын жогорулашы себеп болгон. А.-В-ным территориясында бурж. Австрия, Венгрия, Чехословакия мамл-тери түзүлгөн, жеринин айрым бөлүктөрү Югославиянын, Румыниянын, Польшанын составына кирген.

АВСТРИЯДАГЫ РЕВОЛЮЦИЯ (1848—49) — бурж.-демокр. рев-я; феодалдык абс. түзүлүш м-н көп улуттуу Австрия империясын жоюп, өз бетинче бурж. улуттук мамл-терди түзүү максатын көздөгөн. Австрия империясында жоюлбай сакталып келген феод. мамиледер капиталпзмдин өнүгүшүнө тоскоол кылган ж-а феод. эзүү улуттук эзүү м-н айкалышып, күчөгөндөн күчөгөн. 1847-ж. башталган экон. кризистен улам өлкөдөгү монархия бийлиги да саясий кризиске учурап турган. 13-мартта Венада эл көтөрүлүшү башталат. А. р-нын башында либералчыл бурж. турган, негизги кыймылдаткыч күчү элдин калың катмары (жумушчулар, кол өнөрчүлөр, студенттер, майда ж-а орто бурж.) болгон; баралыпа жете элек пролетариат ал рев-яда таптык ролун андабай, өз таламдарын коё албай калган.

Өкмөттүн отставкага чыгышы Австрия империясында бир катар рев-чыл чыгууларга түртүк берген: Будапештте эл көтөрүлүшү күч алып, [к. *Венгриядагы революция (1848—49)*], рев-чыл кыймыл түш. славяндарда да башталган. Венада студенттердин куралдуу уюму — Академиялык легион ж-а ш-дын Улуттук гвардиясы түзүлөт. Апрелде Коомдук кооисуздук комитети уюштурулат. 1848-ж. 25-апрелде конституциянын долбоору жарыяланат. Конституция б-ча эки палата (аристократиялык сенат ж-а депутаттар палатасы) түзүү белгиленген; жумушчулар шайлоо укугуна ээ болбой, дыйкандар феод. милдеттерлнктен кутулбай калат. Бул жагдай калктын катуу нааразылыгын туудурат. Веналыктардын каршылыгын басуу максатында Улуттук гвардиянын борб. комитетин таркатуу ж-дө указ чыгарылат ж-а Академиялык легионду жоюу далалаты болот. Бирок 15-майда Венада студенттер м-н жумушчулар контрев-чыл чараларга каршы курал көтөрүп чыгышат. Өкмөт Улуттук гвардияны таркатуу ж-дөгү указын жөөт. Жумушчулар (эркектер) шайлоо укугуна ээ болуп, бир палаталуу шайланма рейхстаг түзүү ж-дө императордун указы жарыяланат. 22-июлда Венада ачылган рейхстагда дыйкандардын феод. милдеттенмелерден акы төлөп кутулуусу белгиленди. Бул шарт дыйкандардын демин суутуп, рев-ядан баш тарттырды. 19-августта коомдук жумуштардагы жумушчулардын маянасын төмөндөтүү ж-дө указ жарыяланды. 23-августа буга нааразы жумушчулар өз алдыларынча демонстрация уюштурду, бирок аны бурж. улуттук гвардия басып койду. Бурж-ныи чыккынчылыгы мындан да көрүндү. Ушундан пайдаланган импер. бийлик Австрияда гана эмес, бүткүл империядагы рев-чыл кыймылга сокку урууну чечти: Венгрияга аскер жөнөтүлдү, анын сейми таркатылды. Буларга кызырланган калың эл Венада көтөрүлүш чыгарды. 31-октябрда ал дагы кан төгүү м-н басылды. Өлкөдө феод.-монархиялык чөйрөнүн ж-а ири бурж-ныи өкүлдөрүнөн жаңы өкмөт түзүлдү: жаңы император реакциячыл конституция жарыялады, рейхстаг таратылды. А. р. бурж-ныи чыккынчылыгынан, пролетариаттын чабалдыгынан ж-а улуттук пикир келишпегендиктерден улам жеңилип калды. Бирок ал дыйкандардын крепостнойлук абалын жоюуга жардам кылды ж-а ө. ж-дын өнүгүшүнө, жумушчу кыймылынын өсүшүнө оболго түздү.

АВСТРИЯ-ИТАЛИЯ СОГУШУ (1848—49) — Австрияның үстөмдүгүнө бошоюу үчүн Италия жүргүзгөн согуш. 1848-ж. 25-мартта Сардиния (Пьемонт) королу Австрияга согуш жарыялайт. Итал. бурж. ж-а король чыккынчылык кылгандыктан, итал. армия жеңилип калат. Король Карл Альберт, эл нааразы болсо да, Австрияга Ломбардияны берип, жарашуу келишимине кол коёт. Рев-чыл толкундоолордун жогорулашынан, Австрияга каршы согушууну талап кылган элден чочулаган король 1849-ж. 20-мартта келишимин бузуп, Австрияга кайра согуш жарыялайт. Бирок 21—23-мартта пьемонт аскерлери талкаланып, келишим б-ча Ломбардия-Венеция аймагын Австрияның басып алышы м-н согуш бүтөт.

АВСТРИЯ-ИТАЛИЯ СОГУШУ (1866) —Австрияның үстөмдүгүнө каршы Италиянын улуттук-бошт. согушу. Италиядагы рев-яның (1859—60) ж-а Австрия-Италия-Франция согушунун (1859) натыйжасында Италия жалпы жонунан бириктирилсе да, Венеция обл. Австрияның, Рим папанын карамагында калган. Венецияны бошотуу үчүн Италия согушка даярданат: Наполеон III арага түшүп, Пруссия м-н Италия жашыруун союз түзөт да, 1866-ж. июнда Австрияга согуш ачат. Австрия согушта жеңилип, Италия м-н тынчтык келишимин түзүүгө мажбур болот. 3-октябрда Вена тынчтык келишимин түзүп, Венеция Наполеон IIIгө берилет, ал аны Италияга өткөрөт.

АВСТРИЯ-ИТАЛИЯ-ФРАНЦИЯ СОГУШУ (1859) — Франциянын ж-а Пьемонттун (Италия королдуктарынын бири) Австрияга каршы согушу. Бул согушта Италия улуттук-бошгондукка чыгуунун, Наполеон III Түн. Италияга Франциянын таасирин бекемдөөнү көздөгөн. Согуштун чыгышына жашыруун Пломбьер келишими (1858) себеп болгон. Согуш 1859-ж. 29-апрелде Пьемонт, Франция аскерлеринин чабуулу м-н башталган. 4-июнда Франция м-н Сардиниянын армиясы Маджентанын, 24-июнда Сольферинонун жанында жеңишке ээ болгон. Согуш Италиядагы улуттук-бошт. кыймылын күчөткөн. Бул кыймыл ж-а Италия мамлекети күчөп кетпесин деп чочулаган Наполеон III согушту токтотуп, Австрия м-н Виллафранк келишимин түзгөн, Австрия Ломбардиядан гана баш тартып, Венецияда үстөмдүгүн сактап калган. Турин договору (1860) б-ча Франция Савойяны ж-а Ниццаны алган.

АВСТРИЯЛЫК МЕКТЕП — буржуазиялык саясий экономиядагы антимаркстик субъективдик-психологиялык багыт. Ал 19-к-дын 80-жылдарында пайда болгон, көрүнүктүү өкүлдөрү: австр. экономисттер К. Менгер, Бем-Баверк, Ф. Визер. Алардын теориясы К. Маркстын «Капиталына», анын экон. илимине (эмгектик парк теориясына, кошумча паркка ж. б.), рев-чыл жумушчу кыймылынын өсүшүнө каршы багытталган. Алар капиталисттер алып турган пайданы жумушчулар табынын эксплуатациялануышынан эмес, керектөө буюмдары м-н ондүрүш каражаттарынын ортосундагы айырмадан алынат деп түшүндүрүшөт. А. мектеп ондүрүштүн коомдук мүнөзүнүн ролу м-н маанисин, наркты, бааны, кызмат акыны, пайданы, процентти, рентаны субъективдик-психол. жактан түшүндүрүүгө аракеттенет, бул капитализмди түбөлүк жашоочу коомдук түзүлүш деп эсептөөгө, монополиялык капиталдын үстөмдүгүн, анын жогорку пайда алышын жактоого алып келген.

АВСТРИЯЛЫКТАР — улут, Австрияның негизги (97%) калкы. Саны 7300 миң (1973). 2 млн-дон ашык А. чет өлкөлөрдө (Италияда, АКШда ж. б.) жашайт. Немец тилинин жерг. диалектинде сүйлөшөт. Адабий тили-немец тили. Диниге сыйынган А-дын 90% католик, калгандары — протестант. Көпчүлүгү (62%) шаарда (ө. ж-да) иштейт. Кыштактагыларынын негизги косиби — мал чарбасы ж-а дыйканчылык. Тоо р-ндорундагы А-дын материалдык маданиятында (үй-жай, кийим-кече, тамак-аш) олуттуу өзгөчөлүктөр сакталган.

АВСТРИЯЛЫК КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (АКП) — бир катар коммунисттик группалардын ж-а кружоктордун өкүлдөрү тарабынан 1918-ж. 3-ноябрда Венадагы уюштуруу конференциясында негизделген. АКП коомду соц. кайра куруу ж-а пролет. диктатурасы үчүн күрөшүү ураанын алдыга койгон. Сов. Россияны ж-а Венгр Сов. Республикасын колдоп чыккан, Коммунисттик Интернационалды түзүүгө катышкан. АКПнын 17-съезди (1957-ж. март) жаңы согуштун коркунучуна каршы Австрияның бейтараптыкты катуу сактоо саясатын жүргүзүшү үчүн күрөшүү зарылдыгын, эмгекчилердин турмуш деңгээлин жогорулатуу, жумушчу табынын биримдигин чыңдоо, партиялык ички демократияны өркүндөтүү, реваншизмге ж-а реформизмге жол бербөө чараларын белгиледи. 1958-ж. февралда АКПнын конференциясы «Австрияның социализмге карай жолу» деген программалык документти кабыл алды (муну 1961-ж. АКПнын

18-съезди бекиткен). АКПнын 19-съезди (1965) Австрияда социализмге карай жолдун негизги максатын белгиледи.

60-жылдардын ортосунда АКПда оңчул оппортун. группировка пайда болду (Э. Фишер, Ф. Марен ж. б.), булар 1968-ж. Чехословакиядагы окуялардын учурунда бетончо активдүү аракеттенишип, антипартиялык, антисов. позицияга өттүшү. АКПнын 21-съезди (1970) оңчул элементтерди айыптап, партиянын уюмдашуусуна ж-а идеологиялык чыңдалышына жардам берди. Оппортунисттер АКПнын башкаруучу органдарынан куулду же партиядан чыгарылды. АКП коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын оқуздорунун Москвада болуп өткен бардык кецешмелеринин документтерин жактырды. АКПнын уюмдары терр-ялык өндүрүштүк принцип б-ча түзүлгөн. Партиянын жогорку органы — АКПнын съезди. Съездердин аралыгында партиянын иштерине БК жетекчилик кылат. АКПнын органы «Фольксштимме» газетасы, теориялык органы — «Вегунд циль» журналы.

АВСТРИЯНЫН КӨЗ КАРАНДЫ ЭМЕСТИГИН ЖАНА ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУГУН КАЙРА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ МАМЛЕКЕТТИК ДОГОВОР (1955) 15-майда Венада бир тараптан 2-дүйн. согушта антигитлердик коалицияга катышкан улуу державалар: СССР, АКШ, Улуу Брит. ж-а Франция, экинчи тараптан Австрия ортосунда түзүлгөн. Договорду түзүүнүн алдындагы сүйлөшүүлөрдө Батыштагы өлкөлөр Австрияны НАТОнун плацдармына айландырууга аракеттенип, Австрия маселесин чечүүнү создуктурып келишкен. 1955-ж. апрелде Москвада СССР м-н Австрияны сүйлөшүүлөрүндө болочок договорго байланышкан маанилүү маселелер макулдашылган. Мамл. договорго ылайык Австрияны 1938-ж. 1-январдагы чек арасы б-ча суверенитети ж-а көз карандысы эместиги кайра калыбына келтирилди. О. эле Австрияны Германияга көшүлүүсүнө (аншлюс), Германия м-н ар кандай формада союздаш болуусуна тыюу салынды. Договор Австрияны өкмөтүн өлкөдө демокр. эркиндикти камсыз кылууга, нацисттик ж-а фаш. уюмдардын иштешине жол бербөөгө милдеттендирди. Ага кол койгон улуу державалар Австрияны көз каранды эместигин ж-а терр-ялык бүтүндүгүн урматтоого убада берди. 1955-ж. 26-октябрда өлкөнүн парламенти Австрияны дайыма бейтараптык болуусу ж-дө конституциялык закон кабыл алды.

АВСТРИЯНЫН СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯЛЫК ПАРТИЯСЫ (АСДП) — айрым с.-д. топтордун ж-а жумушчу уюмдарынын съездинде (31-дек. 1888, Хайнфельдде) негизделген саясий партия. Анын 1-программасында маркстик бир катар жоболор болгон. Кийин империализм доорунда АСДП оппортун. реформисттик партияга айланган. Улут маселесинде «маданий-улуттук автономия» деген антимаркстик программаны кабыл алган. Бул ревизионисттик агым *австромарксизм* деп аталып калган. 1-дүйн. согуштун (1914—18) жылдарында АСДПнын оңчул лидерлери социал-шовинисттик позицияга өтүп, анын ичинде солчулдар тобу уюшула баштаган. Кийин бул топ Австрия компартиясын түзүүгө (нояб., 1918) катышкан. АСДПнын лидерлери Австрия-Венгрияда Окт. рев-янын таасири астында чыккан рев-чыл күрөштү басууга жардамдашкан. АСДПнын оқулдору 1918-ж. Австрияны бурж. өкмөтүнүн составына кирген. 1928—29-жылда анын 700 миңден ашык мүчөсү болгон. 1934-ж. АСДПга тыюу салынып, жумушчу уюмдары таратылган. Анын катардагы мүчөлөрүнүн көпчүлүгү 1934-ж. Компартияга мүчө болуп кирген. 1945-ж. АСДПнын базасында *Австрияны социалисттик партиясы (АСП)* түзүлгөн. АСДПнын басма сөз органы «Арбайтер цейтунг» газетасы 1889-жылдан чыга баштаган, азыр ал АСПнын органы болуп калды.

АВСТРИЯНЫН СОЦИАЛИСТТИК ПАРТИЯСЫ (АСП) социал-демократтардын ж-а Австрияны с.-д. партиясына тыюу салынгандан кийин түзүлгөн «Революциячыл социалисттердин» биригишүүсүнүн натыйжасында 1945-ж. негизделген. 1945—66-жылда өкмөттүк коалицияга кирген. Ал 1970-ж. 1-марттагы шайлоодо 165 мандаттан 81 мандат алып, бийликке келген. 1971-ж. октябрдагы шайлоодо да парламентте көпчүлүк добушка ээ болуп, ал бир катар о. ж. ишканаларын мамлекеттештирип, аларды «коомдук чарба» деп аташкан, бирок бул ишканалар прогресске, эмгекчилердин таламдарына кызмат кылбай, капиталисттердин таламдарын көздөдө. АСП Австрияны профсоюздарынын бирикмесинде бир топ таасир тийгизип турат. 1973-ж. анын 700 миңге жакын мүчөсү болгон. Ал Соц. Интернационалга кирет. Басма сөз органы — «Арбайтер цейтунг» 1889-ж. негизделген.

АВСТРИЯНЫН ЭЛДИК ПАРТИЯСЫ (АЭП) — өтө таасирдүү бурж. помещиктик партия. 1945-ж. түзүлгөн. Католиктик чөйрөлөр м-н тыгыз байланышта. Ири капиталисттердин ж-а кулактардын таламын жактайт. АЭП сословиелик принцип б-ча түзүлгөндүктөн, ишкана ээлери биригирген чарбалык союздан, Дыйкандар союзунан (өтө көп мүчөсү бар), католиктик диний ишенимдеги жумушчулар м-н кызматчылардын союзунан турат. АЭП өзү түзүлгөндөн тартып, өкмөттүк коалицияда жетекчи ролду ээлеп келген. Партиянын 700 миңге жакын мүчөсү (1973), «Фольксблатт» басма сөз органы бар. 1966-ж. марттагы парламенттик шайлоодо 85 мандатка (орундардын басымдуу көпчүлүгүнө) ээ болуп, өлкөдө башкаруучу партияга айланган. 1970-ж. марттан социалисттер бийликке келгенден баштап, АЭП оппозициядагы партия болуп калды.

АВСТРИЯ-ПРУССИЯ СОГУШУ (1886) Германиядагы үстөмдүк ролу үчүн Пруссия м-н Австриянын ортосунда көп жылдык эрегишүүнү алактатты ж-а Германияны «жогортон» бат коштурууда маанилүү этап болду. 1864-ж. Дания м-н болгон согушта Пруссия жеңип чыккандан кийин, Шлезвиг-Пруссиянын, Гольштейн Австриянын карамагында калган. А.-П. с-нун чыгышына Шлезвиг-Гольштейн үчүн чыр-чатак шылтоо болгон. Пруссиялыктар 1866-ж. 16-июнда Ганноверге, Гессенге, Саксонияга кол салышкан. 3-июлда Садова-Кениггрец р-нунда чечүүчү салгылашуу болуп, Австрия 44 миң адамынан ажыраган. Империянын ички абалы да Ф. Иосифтин өкмөтүн жарашуу сүйлөшүүлөрүн баштоого аргасыз кылган. 26-июлда Никольсбургда — прелиминардык жарашууга, 23-августта Прагада *Прага тынчтык договоруна (1866)* кол коюлган. Миллитаристтик Пруссиянын башчылыгы астында Түп. германдар союзунун түзүлүшү бул согуштун башкы саясий натыйжасы болгон. Пруссия өзүнүн терр-ясын майда герман мамл-терининн эсебинен бир кыйла кецейтип, Түш. герман мамл-тери м-н жашыруун согуш келишимдерин түзгөн. Австрия союздан чыгып, Венеция обл-ы Италияга кошулуп кеткен.

АВСТРИЯ-ТУРЦИЯ СОГУШТАРЫ (16—18-к.). 16-к-дын 20-жылдарында Түш.-Чыг. ж-а Борб. Европадагы гегемония үчүн австр. *Габсбуредар* м-н Осмон империясынын ортосунда күрөш күчөгөн. 1521-ж. түрктөр Венгрияга жортуул жасап Белградды ээлейт, кийинчерээк венгр.-чехиялык армияны талкалайт (29-авг. 1526), 1532—33-ж. согуштан кийин Австрия м-н Турция Венгрияны бөлүшкөн (1533), 1540—47-ж. согуштун натыйжасында Венгрияны алар кайра бөлүп алышкан. 1551—62, 1566—68, 1592—1606-ж-а 1660—64-жылдардагы А.-Т. с. негизинен Трансильвания үчүн жүргүзүлгөн. Бирок эки тараптын тең эңсеген терр-ясына ээ болгон эмес. 1683—99-ж. согуш Турциянын аскерлеринин Австрияны басып кирүүсү, Венаны курчоосу м-н (1683) башталып, түрктөр катуу сокку жеди. Ушундан соң түрктөр Борб. Европадан чегине баштады. 1787—91-ж. Россия-Турция согуштарында Австрия Россия тарапта катышып, катуу жеңилип калган соң, согуштан чыгып калды.

АВСТРОМАРКСИЗМ — 20-к-дын башында Австриянын с.-д. партиясындагы агым. А-дин коруктуу өкүлдөрү: Ф. Адлер, О. Бауэр, К. Реннер, М. Адлер ж. б. А.— философия, саясий экономия, рев-я ж-а улут маселелери б-ча марксизмдин негизги жоболоруна каршы ар түрдүү идеалисттик филос. агымдардан алынган аралашма, махизм м-н неокантчыл көз караштардын кошундусу. А. тарыхый закон ченемдүүлүктү жокко чыгарып, социализмдин жеңишин моралдык-этикалык жактан же адамдардын духовный байланыштарынын көз карашынан түшүндүрот, социализм элементтери капитализмдин ичинде пайда болот деп, бурж. мамл. аппаратты талкалоонун зарылдыгын танат. Улут маселесинде А. марксизмден кол үзүп, *«маданий-улуттук автономия»* теориясын жактайт, пролетариатты улуттук топторго бөлүп, ар бир улуттун ичинде таптык карама-каршылыктарды жымсалдоону көздөйт. В. И. Ленин бул теориянын реакциячыл маанисин ачып, австромарксисттерди «контрреволюциячыл буржуазиянын малайлары» деп ашкереленген. Көп улуттуу *Австрия-Венгриянын* шартында австромарксисттердин бул жолу эзүүчү колдоочу пангермандык улутчулдук экенин баса көрсөткөн. А. 1-дүйн. согуштун убагында импер. согушту жактап, бурж. ата мекенди коргоо керек деп чыккан. Азыркы австромарксисттер жумушчу табынын таламдарына чыккынчылык кылып, империализмдин идеологиясын ж-а саясатын жактоодо.

Ад.: Ленин В. И., «Маданий-улуттук» автономия жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 19-т., Фр., 1956; ошонуку, Улут маселеси боюнча сын заметкалары, 20-т.; ошонуку, Австриядагы жана Россиядагы улуттук программанын тарыхына карата, 20-т.; Туров В. М., От австромарксизма к современному ревизионизму. «Новая и новейшая история», 1958, № 4.

АВСТРОСЛАВИЗМ — чех буржуазиясынын (19-к.) Австрия империясын Габсбургдардын бийлиги астында федеративдүү мамлекетке айландыруу программасы. А. чех ж. б. славян элдерине Австрия империясынын карамагында автономия берүүнү талап кылган. А-дин негизги принциптери 1-жолу 1840-ж. белгиленет да, 1848—49-жылдагы революция мезгилинде кецейтилет. А. *Австрия-Венгриянын* рынокторун пайдалануурга кызыккан славян элдеринин улуттук таламына аадыр-көңүл жоон берген, бирок аны пропагандалоо кийинчерээк массаны рев-чыл улуттук көз караңды эместик үчүн күрөштөн алаксыткан.

АВСЮК Григорий Александрович (1906-ж. т., Петербург) — сов. физ. географ, гляциолог, геогр. илимд. доктору (1953). СССР ИАнын мүчө-корр. (1960). 1947-жылдан КПССтин мүчөсү. Жер ж-догу илимдер секциясынын Океанология, атмосфераның физикасы ж-а геогр. бөлүмүнүн академик-секретарынын орун басары. Тоо моңголорүнө стационардык байкоолор жүргүзүүнүн демилгечиси. 1956-жылдан эл аралык геофиз. жылдын программасы б-ча сов. гляциологиялык изилдөөнү даярдоого ж-а жүргүзүүгө жетекчилик кылган. 1948—1952-жылда Тянь-Шань физ. геогр. станциясынын жетекчиси. А-тун эмгектери Тянь-Шандын азыркы муз каптоосун, моңголордун темп-ралык режимин изилдөөгө ж-а гляциологиянын жалпы маселелерине арналган. Негизги эмгектери: «Түштүк-Чыгыш Казакстан тоолору» (1945, автордош), «Моңголордогу муз. температурасы» (1956, СССР ИАнын Геогр. ин-тунун эмгектери, 67-басылышы); «Эңилчек моңгусу», «Жеңилген чокулар» китебинде («Сов. альпинизмдин ар жылдыгы», М., 1952).

Ад.: Григорий Александрович Авсюк (к 60-летию со дня рождения). «Изв. АН СССР» сер. геогр., вып. 2, 1967; Благообразов В. А., Тянь-Шанская физико-географическая станция, Фр., 1965.

доого ж-а гляциологиянын жалпы маселелерине арналган. Негизги эмгектери: «Түштүк-Чыгыш Казакстан тоолору» (1945, автордош), «Моңголордогу муз. температурасы» (1956, СССР ИАнын Геогр. ин-тунун эмгектери, 67-басылышы); «Эңилчек моңгусу», «Жеңилген чокулар» китебинде («Сов. альпинизмдин ар жылдыгы», М., 1952).

Ад.: Григорий Александрович Авсюк (к 60-летию со дня рождения). «Изв. АН СССР» сер. геогр., вып. 2, 1967; Благообразов В. А., Тянь-Шанская физико-географическая станция, Фр., 1965.

автоматтык түзөлүштөрдүн бирикмеси. Мис., станоктордун автоматтык катарынан бир станоктун иштөө тартиби бузулса, А. ал катардын ишин дароо токтотот.

АВТОБУС — тогуз ж-а андан көп жүргүнчүнү ташууга арналган коомдук пайдалануудагы автомобиль. Ал шаардык, шаар айланасындагы, шаар аралык (туристтик), жерг. катташуудагы ж-а жалпыга арналган А. болуп бөлүнөт.

А-тун кузову вагон типинде иштелет. Анын астыңкы негизине кыймылдаткыч, кыймыл берүү кутусу, алдыңкы ж-а арткы октор бекитилет. Кыймылдаткыч А-тун алдына, ортосуна ж-а артына орнотулат.

Ад.: Плеханов И. П., Технико-эксплуатационные требования к автобусам, М., 1967.

АВТОВОКЗАЛ — шаар аралык катташтарында автобус жөнөөчү ж-а жетип токтоочу жерлерде жүргүнчүлөрдү тейлөөгө арналган курулуш комплекси. Ар бир саатта автобустарды кабыл алып, жөнөтүшүнө жараша А. I, II ж-а III класстарга бөлүнөт. I класстагы А. көбүнчө жүргүнчүлөрү арбын ири шаарларда курулуп, атайын белгилүү параметрлер б-ча долбоорлонот; II ж-а III класстагы А. типтүү долбоорлор б-ча курулат. А-

СССРде пайдаланылуучу А-тардын кээ бир моделдеринин тех. мүнөздөмөсү

Автобус	Узундугу (м)	Орундар саны		Макс. ылдамдыгы (км/с)	Кыймылдаткычтын макс. кубаттуулугу		Күйүүчү майдын контролдук чыгымы (л/100 км)
		отуруу үчүн	жалпы номиналдуу орундар		кат	а.к.	
РАФ-977Д	4,9	10	—	110	55	75	12,0
КАВЗ-651	6,2	20	24	70	52	70	22,0
ПАЗ-652	7,2	23	42	80	66	90	21,0
ПАЗ-672	7,3	23	45	80	85	115	20,5
ЛиАЗ-158В	9,0	32	60	65	80	109	37,0
ЛиАЗ-677	10,5	25	80(110)	70	132	180	45,0
ЛАЗ-695Е	9,2	32	55	75	110	150	36,0
ЛАЗ-698	9,7	26	67(92)	76	132	180	35,0

АВТО... (гр. autós — өзү) — татаал сөздөрдүн (1) «өзү», «өз колу м-н иштелген» (мис., *автограф, автопортрет*), (2) «автоматтык түрдө» (мис., *автоколлиматор, автокод*), (3) «өзү кыймылга келүүчү», «өзүү жүрүүчү» (мис., *автомобиль, автодрезина*) деген маанилерди туюндуруучу составдык бөлүгү.

АВТОБИОГРАФИЯ *(авто... ж-а био...+...ерафия)* — өз өмүрү ж-дөгү баян; мемуарга ыктаган адабий жанр. Мемуардан айырмасы: мында автор жеке өзүнүн башынан өткөргөндөрү, ой-сезимдери, көз караштары тууралуу көбүрөөк сөз кылат. А.— дүйн. ад-ттагы байыркы жанр. Көркөм А-га Ж. Ж. Руссо ж-а А. И. Герцен негиз салган. Дүйн. классиктердин айрым чыг-ларында да А-лык мүнөздө. Кыргыз ад-тында А. Токомбаевдин «Автобиографиялык фрагменттер», А. Осмоновдун «Жазуучулук баяным» дегендери ушу жанрга тиешелүү. М. Элебаевдин «Узак жолу» да А-лык белгилерге ээ. Ар кандай кишинин өз таржымалын кыскача баяндап жазышы да А. деп аталат.

АВТОБЛОКИРОВКА, автоматтык блокировка — 1) темир жолдо: жакындап келе жаткан поезддин таасири астында автоматтык түрдө иштөөчү светофорлор м-н поезддердин кыймылын жөнгө салуучу автоматтык система. А. поезддердин кооптуз өтүшүнө шарт түзөт. Тепловоз жүрүүчү жолдо — турактуу токтун, электровоз жүргөн жолдо өзгөрүлмө токтун А-сы пайдаланылат. 2) Автоматтык катарда—аварийдан сактоо үчүн объектинин иштөө тартибин автоматтык өзгөртүүчү

Фрунзе шаарындагы автовокзал.



дын карамагында жүргүнчүлөрдү тейлөөчү имарат, трансп. ички терр-я ж-а вокзал алдындагы аянтчасы болот. Имаратта билет кассалары бар зал, балалуу жүргүнчүлөр жайлашуучу, жүк сакталуучу, кызматтык (диспетчердик, админ. ж. б.) бөлмөлөр жайгаштырылат. Трансп. ички терр-яда перрондор, автобус жөнөгөнчө токтоочу аянтча ж. б. орундар жасалат. Автобустардын келип-кетиши тууралуу кабарлар жарык сигналдары ж-а радио аркылуу берилип турат. Шарты ылайык келген жерлерде биргелештирилген темир жол-автобус, дарыя-автобус вокзалдары курулат.

АВТОГЕНЕЗ (*авто...* ж-а гр. genesis— пайда болуу)— организмдердин эволюциясын ички факторлордун гана таасири м-н түшүндүрүүгө аракеттенген биологиядагы идеалисттик багыт. Ж. Б. Ламарктын теориясында А-дин элементтери болгон. А. идеясын зоологдор К. Бэр, А. Кёлликер, Л. С. Берг, ботаник К. Негели, С. И. Коржинский, палеонтолог Э. Коп ж. б. өнүктүрүшкөн. А-ди Ч. Дарвин, А. Вейсман, К. А. Тимирязев, А. Н. Северцов ж. б. дарвинист-биологдор катуу сынга алышкан.

АВТОГЕНЕРАТОР, к. *Генератор.*

АВТОГРАФ (*авто...* ж-а *...граф*)— 1. Автордун өз колу м-н жазганы же койгон колу. 2. Автордук кол жазма. А. чыг-нын чыныгы (туура деп табылган) кол жазмасы экенин аныктоочу негизги булак ж-а жазуучунун, окумуштуунун, көрүнүктүү ишмердин чыг-ларын изилдөөдө баалуу материал болуп эсептелет. СССРде К. Маркстын, Ф. Энгельстин, В. И. Лениндин ж-а КПССтин бир катар жетекчи ишмерлеринин кол жазмалары КПСС БКнын алдындагы марксизм-ленинизм ин-тунун Борб. партархивинде, жазуучулардын көптөгөн А-тары СССРдин музейлеринде ж-а китепканаларында сакталат.

АВТОДЕЗУСТАНОВКА — имарат м-н территорияны дезинфекциялоо, дезинсекциялоо үчүн колдонулуучу машина. СССРде чыгарылуучу ДУК-2 установкасы жүк автомашиналарынын (ГАЗ-51А) шассисине орнотулат. ДУК-2 установкасынын цистернасы, эки челек-резервуары, трубопровод системалары, аэрозоль чачкычтары, ысыткыч казаны, шлангдары, аспап салынуучу ящиктери, тейлөөчү кишилер үчүн кошумча кабинасы болот. Цистернаны толтуруу, дары чачуу автомашинанын кыймылдаткычы аркылуу жүргүзүлөт. Кыргызстанда көбүнчө ДУК-2 установкасы колдонулат.

АВТОДИСПЕТЧЕР (*авто...* ж-а англ. dispatcher — жөндөгүч)— диспетчердин ишин жарым-жартылай же толук бойдон автоматтык түрдө аткаруучу түзүлүш. А-дин милдетине төмөнкүлөр кирет: башкарылуучу процесстин жүрүшү ж-дөгү маалыматты чогултуу; эсептөө ж-а логикалык операцияларды жүргүзүү; өндүрүштү башкаруунун ыңгайлуу багытын иштеп чыгуу; кабыл алган чечимдерди иш жүзүнө ашыра турган башкаруучу таасирлерди же командаларды берүү. А. м-н башкаруунун эки баскычы бар: т ө м ө н к ү с ү — «кеңеш берүү» режими, мында башкаруучу эсептегич машина (БЭМ) оперативдүү планды түзөт, бирок аны диспетчер аткарат; ж о г о р к у с у — автоматтык режим, мында тескери байланышы бар БЭМ жалаң гана план түзбөстөн, аны текшерип, иш жүзүнө ашырат.

АВТОДРЕЗИНА (*авто...* ж-а нем. Draisine — немец ойлоп тапкычы Draise атынан) — *ичинен күймө кыймылдаткычтын* жардамы м-н рельстүү жолдо өзү жүрүүчү вагон. А. жол оңдоо иштеринде жумушчуларды, материалдарды, механизмдерди ж-а аспаптарды ташуу үчүн колдонулат. А-лар жүргүнчүлөрдү ж-а жүк ташуучу, салмагы б-ча жеңил (300 *кг* га чейин) ж-а оор (50 *т* га чейин) болуп бөлүнөт.

АВТОДРОМ [*авто (мобиль)* ж-а гр. drómos — мелдешүүчү жер] — автомобилдик жарыштардын мелдешин өткөрүүчү ж-а автомобиль сынай турган атайын жасалган аймак. А-дун уз. 3—10 *км*, туурасы 10—18 *м* болот. А-дор 20-к-дын башынан эле курула баштаган. Буга автомоб. ө. ж-нын ылдам өнүгүшү түрткү болду. Мындай аймактын курулуш комплексине трибуна, фигуралык айдоодон мелдеш өткөрүүчү аянтча, автомобилдерди тех. жактан тейлөөчү имарат, гараж ж. б. кирет.

АВТОКЛАВ (*авто...* ж-а лат. clavis — ачкыч) — жогорку басымда ж-а ысытуу м-н түрдүү процесстерди жүргүзүүгө ылайыкталган аппарат. А. айлануучу, термелүүчү, горизонттук, вертикалдуу ж-а колонналуу болуп бөлүнөт да, туюк же ачылма капкактуу идиш түрүндө болот. Зарылдыгына жараша мех., электромагниттик, пневматикалык аралаштыргыч ж-а басымды, темп-раны, суюктуктун деңгээлин өлчөп жөнгө салуучу текшерүү өлчөө приборлору м-н жабдылат. А-дын сыйымд. $10 \div 10^5$ $см^3$ ге чейин жетип, 150 $Мн/м^2$ ге чейинки басымда ж-а 500°С темп-рада иштөөгө ылайыкталган. А. химия, резина, консерва ө. ж-да, гидрометаллургияда, медицинада, курулуш материалдар өндүрүшүндө колдонулат.

АВТОКЛАВ (м е д и ц и н а д а) — жогорку басымдагы ысык буу аркылуу микроорганизмден тазартуучу аппарат. А. хирургиялык аспаптарды, операцияга кийилүүчү халаттарды, жараттарды таңуучу материалдарды, о. эле микробдор өстүрүлө турган азыктарды микробдордон тазартууда, микробдорду өлтүрүүдө кеңири колдонулат. А-дын негизги бөлүгү керектүү басым ж-а темп-радагы бууну алуучу жылчыксыз жабылган суу-буу камерасынан, анын ичине орнотулган тазалануучу буюмдарды салуучу зыянсыздандыруучу камерадан турат (к. сүрөт). Сырткы камерадагы суунун буусу бул камералардын ортосу м-н көтөрүлүп, ички камеранын жогорку кырындагы тешиктер аркылуу тазалануучу материалдарга өтөт. А-дын бир жерге орнотулган ж-а көчмө түрлөрү бар.



Медициналык автоклав (3 атмосф. чейин): *1* — капкагы; *2* — резина прокладка; *3* — буу келүүчү тешик; *4* — буу камерасы; *5* — металлдан жасалган каптооч; *6* — стерилизациялоочу камера; *7* — асбест катмары; *8* ж-а *14* — суу чыгаруучу чорго; *9* — тирөөч; *10* ж-а *12* — суу толтуруучу чорго; *11* — суу көрсөткүч айнек; *13* — манометр; *15* — сактагыч клапан.

АВТОКОД — программалоонун жөнөкөй тили. 1 : 1 түрүндөгү А. кеңири таралган, анда тилдин негизги элементи *цифралуу эсептегич машинанын* (ЦЭМ) тилине которгондо, өзүнчө командага айланат. *Эсептегич машинанын* командаларынын системасында мүмкүн болгон ар кандай программаны 1 : 1 түрүндөгү А-дун жардамы м-н түзүүгө болот. 1 : 1 түрүндөгү А. м-н программалоо ЦЭМ тилинде программалоого окшош, ыңгайлуу ж-а ишти үч эсе дээрлик тездетет. А-го берилген *алгоритм* программа-транслятордун жардамы м-н ЦЭМ программасына айландырылат. Автоматтык программалоонун көп системасында программалоонун башка тилинен ЦЭМ кодуна которгондо, А. орто аралык тилдин милдетин аткарат.

АВТОКОЛЛИМАТОР (*авто...* ж-а лат. collineo — түз багыттайм) — бурчту так өлчөөчү өтө сезгич оптика-механикалык прибор. Ал объективден ж-а күзгүдөн турат. Объективден өткөн нур күзгүлүү бетке чагылып, объективге кайра келет да, нерсенин так сүрөттөлүшүн берет. А. багыттоочулардын (станокто) тегиз ж-а түз экендигин текшерүү, бурчтарды өлчөө ж-а салыштыруу үчүн колдонулат.

АВТОЛИЗ, а у т о л и з (*авто...* ж-а гр. lysis — ажыроо, чирүү) — өсүмдүктөр, жаныбарлар ж-а микроорганизмдердин ткандарынын өзүнөн-өзү эриши.

А. кезинде клеткадагы гидролиттик ферменттердин таасиринен андагы белоктор, углеводдор, майлар ажырайт. Организмдин эскирген ткандарынын ажырашы, өлүктүн чириши — А-дин натыйжасы. А. чай ж-а тамеки жалбырактарын өндүрүштө ферменттөөдө, тоютту силостоодо, ачытууда кеңири колдонулат, к. *Ачуу.*

АВТОМАТ (гр. automatos — өзү аракетке келүүчү) — 1) материалды, энергияны, информацияны кабыл алуу, өзгөртүү ж-а пайдалануу процесстерин берилген программа б-ча адамды тикеден-тике катыштырбай аткаруучу механизмдер м-н түзүлүштөрдүн (электрондук, электрдик, пневматикалык, гидравликалык) системасы. А-тын түзүлүшү, татаалдыгы, иштөө принциптери анын аткара турган кыймыл аракеттери м-н аныкталат. А. технол., энергет., трансп., турмуш тиричилигине керектелүүчү, эсептөөчү ж-а эсептеп чыгаруучу, аскердик болуп бөлүнөт. А-тын айрым түрлөрү байыркы доордо эле жасалган, алар жөнөкөй, мех. оюнчуктар болгондуктан, тиричиликте пайдасы тийген эмес. Пружиналуу (П. Хенлейн, Германия, 16-к.) ж-а маятниктүү (Х. Гюйгенс, Голландия, 1657) сааттардын пайда болушу мех. А-тардын өркүндөшүнө түрткү берген. 18—19-к-дагы өндүрүштүн өркүндөшү, эмгек куралдарына ж-а адамга коюлган талаптардын жогорулашы А-тарды өндүрүштө пайдаланууга алып келди. Электротехниканын өнүгүшү (электрдик байланышта, транспортто, аскер ишинде, ө. ж-да колдонулушу) электрдик А-тардын негизин түзгөн бир топ ачылыштарга ж-а ойлоп табууларга жол ачты. 20-к-да илим ж-а техниканын өсүшү илимдин электроника, кибернетика сыяктуу жаңы тармактарын пайда кылды ж-а электрондук А-тарды (электрондук реледен тартып, электрондук эсептегич машинага чейин) түзүүгө мүмкүндүк берди. А. кандайдыр бир ишти аткаруучу механизмден текшерүү, эсептөө, жөндөө ж-а башкаруу милдеттерин аткаруучу татаал А-тык түзүлүштөргө айланды. Пайдаланылган энергиянын түрүнө жараша А-тар мех., гидравликалык, пневматикалык, электрдик (электрондук), комплекстүү (пневмоэлектрдик) болуп бөлүнөт. Азыркы А-тар энергия ж-а материалдардан тышкары *информацияны* кабыл алып, өзгөртүп, иштеп чыгат, б. а., А-тын иштеши үчүн *информация* чоң мааниге ээ. А. аткаруучу бардык жумушчу ж-а жардамчы операциялардын удаалаштыгы жумуш циклин түзөт. Жумуш циклин аткарууга адамдын жардамы зарыл болгон А-тык түзүлүш *жарым автомат* деп аталат. Жумуш цикли аналог ж-а цифра түрүндө берилген информациялуу программа м-н аныкталат. Программасы аналогдуу түрдө берилген А-тын түзүлүшү программага көз каранды ж-а пайдалануу диапазону тар болот. А-тын ишин цифра түрүндө берүү анын түзүлүшү ж-а конструкциясы м-н байланышсыз болуп, А-тын универсалдуулугуна алып келет. Азыркы кезде эске тутуу касиети бар ж-а өз ишинин тажрыйбасын корутундулап, ишти оптималдык жол м-н аткаруучу А-тар терең изилденүүдө ж-а таралууда. 2) Кибернетиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири — дискреттүү информацияны дискреттүү убакыттык такттар м-н кайра иштетүүчү тех. же биол. системанын абстракттуу модели.

Ad.: Фельдбаум А. А., Основы теории оптимальных автоматических систем, М., 1963; Иванов С. М., Человек среди автоматов, М., 1969.

АВТОМАТИЗМ — 1) ф и з и о л о г и я д а сырткы козгогуч таасир кылбаса деле органдын же айрым клеткалардын ритмдүү, мезгилдүү же мезгилсиз иштөөгө жарамдуулугу. Мис., ичегинин жыйрылуусу, жүректүн кагышы, өсүмдүк клеткаларында протоплазманын кыймылы ж. б. А-ге клеткаларда зат алмашуу процессинин циклдүүлүгү ж-а нерв клеткаларынын иштеши себеп болот. А-дин башка түрлөрү шарттуу рефлекстин бекемделишинен келип чыгат. Мис., басканда, буттун ж-а кээ бир булчуңдардын кыймылы. 2) П с и х о л о г и я д а — акыл-ой контролдобой жасалган кыймыл-аракет. Кыймыл-аракет өнөкөткө айланган адамдын нерв, булчуң эт жумушун жеңилдетет, күчүн үнөмдөп, чарчап-чаалыгууну басаңдатат. Адам адеп машинаны же станокту иштеткенде, аны башкаруу эрежелерин дайым оюнда тутат. Ушул эрежелерди бузбай кайта-кайта иштей берип, анын кыймылы өнөкөт кыймылга айланат.

АВТОМАТИКА (гр. automatos — өзү аракеттенүүчү) — түздөн-түз адам катышпай иштей турган техникалык процесстерди башкаруучу системалардын теориясын ж-а түзүү принциптерин камтыган илим м-н техниканын тармагы. Техниканын өзүнчө тармагы катары А. дүйнөлүк энергет. 2-конференцияда (1930, Берлин) кабыл алынган. *Автоматтык жөндөө* теориясынын классикалык негизин түзгөн Дж. К. *Максвеллдин* (1868), И. А. *Вышнеградскийдин* (1872—1878), А. *Стодоланын* (1899) эмгектеринин натыйжасында гана А. илими пайда болду. А-нын өсүшү теориялык механикага, электр тизмектеринин ж-а системаларынын теориясына негизделип, ал буу казандарынын басымын, буу машиналарынын поршенинин жүрүшүн жөндөөгө, станок-автоматтардын, АТСтын, релелик сактоо түзүлүштөрүнүн ишин башкарууга байланыштуу маселелерди чечет. Ушуга ылайык А-нын тех. каражаттары иштелип чыгарылды (к. *Автоматташтыруунун тех. каражаттары*). Илим м-н техниканын бардык тармагынын өнүгүшү автоматтык башкаруу техникасынын өсүшүнө көмөкчү болду. А-нын азыркы абалы эл чарбасында автоматтык башкаруучу түзүлүштөрдү колдонуу, өндүрүштө айрым агрегаттарды автоматташтыруудан цехтерди ж-а заводдорду комплекстүү автоматташтырууга өтүү м-н мүнөздөлөт. А. бири биринен алыс турган объектилерди бир системага бириктирет. Мында автоматтык башкаруучу түзүлүштөр телемеханиканын каражаттары м-н байланыштырылат. Байланыш каражаттары, башкаруучу түзүлүштөр ж-а башкарылуучу объектилер биригип, т е л е а в т о м а т и к а с и с т е м а с ы н түзөт (к. *Телемеханика*). Буга чейин автоматтык жөндөөнүн теориясы түзүлсө, азыр А-нын бардык теориялык аспекттерин бириктирген автоматтык башкаруунун жалпыланган теориясы түзүлүп жатат.

Ad.: Автоматизация производства и промышленная электроника (Энциклопедия современной техники), т. 1—4, М., 1962—65.

АВТОМАТИКА ИНСТИТУТУ Кырг. ССР ИАнын — башкаруунун теориялык маселелерин иштеп чыгуучу ил. из. институту. А. и. энергет. ж-а суу чарба ин-тунун автоматика лабораториясынын негизинде 1960-ж. Кыргыз ССР ИАнын алдында ачылган. Ин-тун ишинин негизги багыттары: автоматика өлчөө түзүлүштөрүн куруунун илимий негиздерин ж-а методдорун иштеп чыгуу; эсептегич машиналарды колдонуп, ирригация ж-а ө. ж-нын өндүрүштүк процесстерин *автоматтык башкаруу* системаларынын теориясын түзүү; бургулоо техникасын комплекстүү механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу. Илимий кадрларды даярдоо үчүн ин-ттун алдында аспирантура бар. Ин-т өз ишин өлкөбүздүн башка ил. из. А. и. ж-а республикабыздын ө. ж. ишканалары м-н тыгыз байланышта жүргүзөт.

АВТОМАТ-СУГАРГЫЧ — мал сугаруу үчүн пайдаланылуучу жасалга. А.-стын эки чөйчөгү, рычагы, клапаны ж. б. тетиктери бар. Мал тумшугу м-н рычагды түрткөндө, клапандын пружинасы кысылып, суу өткөрүүчү жылчык ачылат да, чөйчөккө суу куюлат. Мал башын көтөргөндө, пружина бошоп, клапан мурдагы калыбына келип, суу акпай калат. Ал көбүнчө үй ж-а чочко чарбасында колдонулуп, күч эмгегин жеңилдетүүдө.

АВТОМАТТАР ТЕОРИЯСЫ — теориялык кибернетиканын дискреттик информациянын өзгөрткүчтөрүн изилдөөчү бөлүгү. Информацияны өзгөртүү деген автоматтын кириш алфавитинин удаалаштыгын анын чыгыш алфавитинин удаалаштыгына айландыруучу операция. А. т. эсептегич машиналарды долборлоо практикасынын талаптарына ылайык биол., экон. ж. б. системаларда информацияларды иштеп чыгуу процесстеринин матем. моделдерин түзүүгө байланыштуу келип чыккан. А. т-да матем. логика, ыктымалдык теориясы, комбинаторика ж-а графтар теориясы кеңири колдонулат. А. т-нын негизги түшүнүктөрү — абстракттуу автомат ж-а авто-

маттардын композициясы. А. т. абстракттуу алгебр., структуралык, ыктымалдуулук болуп бөлүнөт.

Ад.: Глушков В. М., Синтез цифровых автоматов, М., 1962; Кобринский Н. Е., Трахтенброт Б. А., Введение в теорию конечных автоматов, М., 1962; Логика. Автоматы. Алгоритмы, М., 1963; Гилл А., Введение в теорию конечных автоматов (пер. с англ.), М., 1966.

АВТОМАТТАШТЫРУУ ДАРАЖАСЫ — машинаны же өндүрүштү автоматташтыруунун деңгээлин мүнөздөөчү коэффициент. Машинаны А. д. циклдик, жумушчу ж-а эксплуатациялык болуп бөлүнөт. Циклдик А. д. $R_{ц \cdot а} = t_{авт}/t_ц$ ($t_{авт}$ — машинанын иштөө убакыты; $t_ц$ — циклдын убакыты), жумушчу А. д. $R_{ж \cdot а} = T_{шт} - T_k/T_{шт}$ ($T_{шт}$ — ишти уюштуруу ж-а эс алууга кеткен убакытты эсептебегенде, машинада бир буюмду жасоого кеткен убакыт; T_k — машинаны тейлөөчү жумушчунун бир тетикти кол м-н иштөөгө кеткен убакыт), эксплуатациялык А. д. $R_{эа} = \Sigma t_{авт}/T_э$ формуласы ($\Sigma t_{авт}$ — машинанын иштөө убактысынын суммасы; $T_э$ — машинанын эсептелген эксплуатациялык иштөө убактысы) м-н аныкталат. Өндүрүштү А. д. жалпы ж-а комплекстүү болуп бөлүнөт. Жалпы А. д. $R_{аө} = N_{авт}/N$ ($N_{авт}$ — автоматташтырылган жабдуулардын саны; N — жабдуулардын жалпы саны), комплекстүү А. д. $R_{аө} = N_{автө}/N$ ($N_{автө}$ — автоматтык катарга киргизилген машинанын саны) формуласы м-н аныкталат.

АВТОМАТТАШТЫРУУНУН ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАРЫ — технол. процесстин параметрлеринин өзгөрүшү ж-дө текшерүүчү информацияны алуу, берүү, өзгөртүү ж-а сактоо, аны программалык информация м-н салыштыруу ж-а буйрук информациясын түзүү, буйрук информациясын берүү ж-а аны технол. процесске таасир берүү үчүн колдонуу иштерин аткаруучу приборлор ж-а түзүлүштөр. Бул иштер информация кандайдыр бир физ. чоңдук (параметр) сигнал м-н шарттуу байланышта болгондо гана аткарылат. Автоматтык башкаруу системасы үчүн сигнал катары энергет. (электр энергиясы, кысылган газдын же суюктуктун энергиясы, мех. энергия) параметр алынат. Сигналдар үзгүлтүксүз (чыңалуу, ток, жыштык, фаза, басым, момент, ылдамдык, сызыктуу жылыш) ж-а импульс түрүндө (чыңалуунун же токтун амплитудасы, импульстун узактыгы, импульстун жыштыгы) болот. Информацияны алууда, берүүдө, өзгөртүүдө, салыштырууда ж-а колдонууда сигналдар м-н бир топ операцияларды жүргүзүүгө туура келет. Операциялар автоматтык аппараттардын элементтери м-н аткарылат. Элемент — сигнал м-н белгилүү бир операцияны аткаруучу жөнөкөй ячейка. Кээ бир учурларда сигналдар м-н бир топ операцияны жүргүзүүгө жөндөмдүү айкалыштырылган элементтер жасалат. Бир нече элементтин схемалык же схема-конструкциялык бириктиши автоматтык түзүлүштү берет. Операцияларды текшерүү, башкаруу же технол. процесстин параметрлерин жөнгө салуу үчүн, автоматтык түзүлүштөр система кылып бириктирилет. Автоматтык түзүлүштөрдүн системасынын негизги түрлөрү булар: 1) текшерүүнүн автоматтык системасы; 2) башкаруунун автоматтык системасы; 3) текшерүү информациясын алуучу, аны иштетүүчү ж-а программа м-н салыштырып технол. процесте таасир берүүчү командалык информацияны түзүүчү түзүлүштөрү бар автоматтык жөндөө системасы; 4) текшерүүнүн телемех. системасы; 5) башкаруунун телемех. системасы; 6) текшерүүнүн ж-а башкаруунун телеавтоматтык системасы; 7) жөндөөнүн телеавтоматтык системасы. Текшерүүчү информацияны берүүчү каражаттар билдиргичтен алынган сигналды өткөрүүчү байланыш линиясынан, сигналдарды берүүгө ылайыктуу формага келтирүүчү өзгөрткүчтөрдөн турат. Информацияны иштетүүчү ж-а буйрук сигналдарын пайда кылуучу каражаттарга текшерилүүчү параметрлерди көрсөтүүчү, каттоочу, сигналдардын формасын өзгөртүүчү ж. б. түзүлүштөр кирет. Көп учурда ар түрдүү сигналдарды чогуу колдонуучу айкалыштырылган системаларды түзүүгө туура келет.

Ад.: Автоматизация производства и промышленная электроника (Энциклопедия современной техники), т. 1—4, М., 1962—65.

АВТОМАТТЫК БАШКАРУУ (т е х н и к а д а) — башкаруучу объектини адам тикеден-тике катышпай иштетүүгө ж-а анын ишин жакшыртууга багытталган аракеттердин жыйындысы. А. б. тех. системаларда көп информацияны аз убакытта кайра иштеп чыгуу зарылдыгына байланыштуу, адам иштей албаган операцияларды аткаруу ж-а эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн, кол жетпеген ж-а опурталдуу шарттарда иштөөчү системаларды башкаруу үчүн кеңири колдонулат.

Башкаруучу түзүлүш м-н башкарылуучу объект биригип автоматтык башкаруу системасын *(АБС)* түзөт. *АБС* өндүрүштүк комплекстин составында иштейт. Тех. кеңири колдонууга жетишкен биринчи *АБС* Дж. Уаттын буу машинасында коюлган борбордон четтөөчү жөндөгүчү бар автоматтык жөндөө системасы болгон. Буу машиналарынын, турбиналардын ж-а ичинен күймө кыймылдаткычтардын улам жакшырышы ар түрдүү мех. жөндөөчү системалардын ж-а түзүлүштөрдүн пайда болушуна түрткү берди. А. б-нун жаңы этабы ага автоматиканын ж-а телемеханиканын электрондук элементтерин киргизүү м-н мүнөздөлдү. *АБС* башкаруу максатына, башкаруу контурунун түрүнө ж-а сигналдарды берүү ыкмаларына жараша бөлүнөт. Адегенде *АБС*ка башкарылуучу чоңдуктардын убакыт ичинде берилген закон б-ча өзгөрүшүн камсыз кылуу милдети коюлган. Бул класстагы *автоматтык жөндөө системаларына (АЖС)* башкарылуучу чоңдуктардын маанисин туруктуу кармап туруучу системалар; башка-



рылуучу чоңдукту берилген программа б-ча өзгөртүүчү п р о г р а м м а л у у б а ш к а р у у системалары; башкаруу программасы белгисиз э э р ч и м е системалар кирет. Кийин башкаруунун максаты системаны мүнөздөөчү сапаттык көрсөткүчтөр (өндүрүмдүүлүгү, кайталоонун тактыгы ж. б.) м-н байланыштырыла баштады. Мына ушуга байланыштуу ө з ү ы л а й ы к т а л у у ч у системалар иштелип чыкты. Алар башкаруунун принцибине жараша айырмаланат: ө з ү к ү ү л ө н ү ү ч ү (самонастраивающая) системаларда башкарылуучу чоңдуктар жогорку мааниге жетмейинче, башкаруучу түзүлүштүн параметрлери өзгөрүлө берет, ал эми ө з ү ү ю ш у л у у ч у системаларда ушул эле максатта анын структурасы да өзгөрүлүп турат. Башкаруу тажрыйбасын талдоонун негизинде иштөө алгоритмин улам жакшыртып туруучу ө з ү ү й р ө н ү ү ч ү системалардын мүмкүнчүлүктөрү чоң.

Абал бузуучу таасирлерди компенсациялоо жолу б-ча *АБС* ачык ж-а туюк болуп бөлүнөт. Ачык *АБС*та башкарылуучу объектинин абалы ж-дөгү информация башкаруучу түзүлүшкө берилбестен эле абал бузуучу негизги таасир өлчөнүп ж-а компенсацияланып турат. Туюк *АБС*та жөндөө жөндөлүүчү чоңдуктун кыйшаюусу б-ча жүргүзүлөт. Башкарылуучу объект ж-а башкаруучу түзүлүш б-ча өтүүчү сигналдардын тизмеги туюк контурду түзөт (к. схема). Башкарылуучу чоңдуктун кыйшаюусу тескери байланыш аркылуу компенсацияланат. Кыйшаюу ж-а абал бузуучу таасир б-ча башкаруу принциптерин бириктирип айкалыштырылган системаны түзүүгө болот. Сигналдардын формасы б-ча *АБС* д и с к р е т т ү ү ж-а ү з г ү л т ү к с ү з болуп бөлүнөт. А. б-нун түзүлүштөрүн синтездөө ж-а башкарылуучу системалардагы процесстерди талдоо маселелери — автоматтык башкаруу теориясынын милдети.

Автоматтык башкаруу теориясы *(АБТ)* А. б. системасын түзүү принциптерин ж-а аларда өтүп жаткан процесстердин закон ченемдүүлүктөрүн изилдейт. Адегенде *АБТ* автоматтык жөндөө теориясы *(АЖТ)* катары өнүгүп, тех. механиканын бир бөлүгү болгон. Акыркы жылдарда *АЖТ* организмдердеги ж-а экон. системалардагы башкаруу проблемалары м-н тех.

системалардагы башкаруу процесстеринин жалпылыгын түшүнүүгө мүмкүндүк берди. Ушуга байланыштуу анын максаттары м-н методдору таалдап, *АЖТ* «Автоматтык башкаруу теориясы» деп аталды. *АБТ* объектинин берилген абалын туруктуу деңгээлде кармап туруу маселесин изилдейт. *АБТ*де бул масөлө организмдерге ж-а экон. уюмдарга тийиштүү адаптация проблемасынын бир бөлүгү катары каралат. Техникада *АБТ*нин негизги проблемасы — *АБС*тин синтези ж-а анализи. Айтылган проблеманы чечүү *АБС*тин динамикалык касиеттерин изилдөөнү талап кылат. Бул үчүн динамикалык процесс учурунда системанын абалы *дифференциалдык теңдемелер* м-н жазылат. *АБС*тин динамикалык режимин талдоо, анын ишке жөндөмдүүлүгүн ж-а тактыгын аныктайт. *АБС*тин ишке жөндөмдүүлүгүнүн зарыл шарты — анын туруктуулугу. Системанын туруктуулугун изилдөө үчүн атайын критерийлер иштелип чыккан. Системанын туруктуулугу анын параметрлерин ж-а структурасын өзгөртүү м-н жетишилет. *АБС*тин негизги сапаттык көрсөткүчтөрү: с т а т и к а л ы к, д и н а м и к а л ы к каталар ж-а жөндөөнүн убактысы. Бул көрсөткүчтөр башкарылуучу чоңдуктардын өтмө процесс учурунда анык өзгөрүшү м-н талаптагыдай өзгөрүүсүн салыштыруу аркылуу аныкталат.

Ад.: Теория автоматического регулирования, под ред. В. В. Солодовникова, кн. 1, М., 1967.

АВТОМАТТЫК БОЛОТ — составында күкүрт м-н фосфору көбүрөөк, кесүүчү станок-автоматтарда тетиктерди даярдоого арналган болот. А. б-тун составында 0,08—0,45% көмүртек, 0,15—0,35% кремний, 0,6—1,55% марганец, 0,08—0,30% күкүрт, 0,05—0,16% фосфор болгон түрү чыгарылат. Составында күкүрт көбүрөөк болгондо, андан жасалган тетикти жонуп-кыруу жеңил болот. А. б-тун ийилгичтиги ж-а чоюлгучтугу кадимки көмүртектүү болотторго салыштырганда начарыраак, б. а. морт келет. А. б-тон даярдалган тетиктер термиялык иштетүүсүз пайдаланылгандыктан, алардан бөрктүү ж-а сайлуу бурамалар, автомобиль м-н приборлордун кээ бир тетиктери жасалат.

АВТОМАТТЫК ЖӨНДӨГҮЧ — жөндөлүүчү объектинин чыгышындагы чоңдукту автоматтык түрдө жөндөө үчүн колдонулуучу түзүлүштөрдүн комплекси. А. ж. жөндөлүүчү объектинин чыгышына ж-а жөндөөчү органдын киришине кошулуп, жөндөө системасынын башкы тескери байланышын түзөт. Колдонулушу б-ча А. ж-түн элементтери сезгич, берип тургуч, салыштыруучу, күчөтүүчү, башкаруучу ж-а аткаруучу болуп бөлүнөт. С е з г и ч же өлчөгүч элемент объектинин чыгышына кошулуп, жөндөлүүчү x чоңдугун өлчөйт. Б е р и п т у р г у ч элементтин жардамы м-н А. ж. өзгөртпөй кармап тура турган x_0 чоңдугунун мааниси берилет. С а л ы ш т ы р у у ч у элемент жөндөлүүчү чоңдуктун өзүнүн берилген маанисинен айырмасын $\Delta x = x_0 - x$ аныктайт. Б а ш к а р у у ч у эсептегич элемент $y_0 = f(\Delta x, x', x'', ..., x^{(m)}, \int \Delta x dt, ..., q...)$ закону б-ча өзгөрүүчү жөндөөчү таасирди пайда кылат. К ү ч ө т ү ү ч ү элемент башкаруучу элементтин чыгыш чоңдугун аткаруучу элементти иштете тургандай мааниге жеткирет.

АВТОМАТТЫК ЖӨНДӨӨ — технологиялык процессти мүнөздөөчү берилген чоңдукту өзгөртпөй кармап туруу же аны адамдын тикеден-тике катышуусуз белгилүү закон б-ча өзгөртүү жолу. А. ж. жөндөлүүчү объектинин абалын өлчөп, анын жөндөөчү бөлүгүнө таасир берүү м-н жүргүзүлөт. Бул үчүн жөндөлө турган установкага жөндөгүч туташтырылат (к. *Автоматтык жөндөгүч*). А. ж-нүн негизги принциптери: а) кыйшаюу б-ча жөндөө (Ползунов-Уаттын принциби); б) жүк б-ча жөндөө (Понселе принциби); в) айкалыштырылган жөндөө. Жөндөгүчтүн жөндөөчү бөлүккө тийгизе турган таасиринин кириш чоңдуктарына көз карандылыгынын матем. жазылышы жөндөөнүн закону же *алгоритми* деп аталат. Жөндөө системасынын бир калыптанган кыймыл ж-а өтмө процесс деген негизги эки режими бар. Эгер жөндөгүчтүн жөндөөчү бөлүккө көрсөткөн таасири кыйшаюуга гана көз каранды болсо, жөндөлүүчү чоңдук жүккө көз каранды болот. Мындай системада дайыма статикалык (турактуулангап) ката кетет. Бирок ар түрдүү байланыштардын жардамы м-н статикалык катасы жок жөндөө системасын да түзүүгө болот (к. *Астатикалык система*). Эң биринчи жөндөгүчтөр өлчөгүч бөлүктөрү жөндөөчү бөлүккө таасир бере тургандай кылып жасалган. Андай жөндөгүчтөр түз аракеттүү деп аталышкан ж-а аз кубаттуу машиналарда колдонулган. Өткөн кылымдын аягында кыйыр аракеттүү, релелүү тескери байланышы бар жөндөгүчтөр чыгарылды. Кийинчерээк реле байланышы үзгүлтүксүз дифференциалдык байланыш м-н алмашылды. Мындай тескери байланышы бар жөндөө и з о д р о м д у к жөндөө деп аталып, ө. ж-да кеңири таралган. Жөндөгүчтөрдө электр элементтеринин колдонулушу жөндөөнүн алгоритмдерин жакшыртып, импульстук ж-а релелүү жөндөөнү өркүндөттү. Чөйрөнүн өзгөрүшүнө ылайыкталган ө з ү к ү ү л ө н ү ү ч ү А. ж. системалары (экстремалдуу жөндөгүчтөр) пайда болду.

Ад.: Теория автоматического регулирования, под. ред. В. В. Солодовникова, кн. 1—2, М., 1967.

АВТОМАТТЫК ИЛИНИШТИРГИЧ — темир жол вагондорун ж-а локомотивдерди бири бирине автоматтык түрдө чиркештирүүчү түзүлүш. Кыймылдуу состав бири бирине урунганда, А. и. аларды чиркештирет, состав ажыратылганда, механизмдердин тетиктерин илиништирүүгө даяр турган абалга келтирет. СССРдин т. ж. катнашынын составы СА-3 маркасындагы А. и. м-н жабдылган.

АВТОМАТТЫК КАЙТАЛАП ТУТАШТЫРУУ — автоматтык түрдө ажыратылган жогорку вольттуу электр берүү линияларын ж-а жогорку чыңалуудагы электр жабдууларын автоматтык түрдө кайра ылдам туташтырып ишке киргизүү. Тизмек ажырап калган моменттен баштап, ажыраткычтын башкы контакттары тизмекти кайра иштеткен убакыт А. к. т-нун цикли деп аталат. Электр системаларында бир циклдүү (узактыгы 0,5—1,5 *сек*), эки циклдүү (узактыгы 10—15 *сек*) ж-а удаалаш үч циклдүү (60—120 *сек*) А. к. т. колдонулат. Жогорку чыңалуудагы аба линияларында (110 *кв* ж-а андан жогору) негизинен бир циклдүү А. к. т. кеңири таралган.

АВТОМАТТЫК КАТАР — буюмду же анын бөлүгүн толук жасоо үчүн иштелүүчү бардык операцияларды белгилүү технол. ыраат м-н автоматтык түрдө аткаруучу машиналардын, негизги ж-а көмөкчү жабдуулардын системасы. А. к-ды куруу ж-а ишке киргизүү — *өндүрүштү автоматташтыруунун* эң негизги этаптарынын бири. СССРде биринчи А. к. 1939-ж. азыркы Волгоград трактор з-дунда жумушчу-рационализатор И. П. Иночкиндин сунушу б-ча түзүлгөн. 1947—50-ж. СССРде трактор кыймылдаткычынын поршенин толук жасоочу завод-автомат дүйнөдө 1-болуп курулган. Мында сырьёну берүү, металлды эритүү, тетикти куюу, аны термиялык, мех. ж-а дат баспагандай иштетүү, сапатын текшерүү, даяр продукцияны ороп, ящиктерге салып жөнөтүүгө чейинки бардык процесстер толук автоматташтырылган. Белгилүү бир формадагы ж-а өлчөмдөгү буюмдарды иштетүүгө арналганы — а т а й ы н, ал эми параметрлери бирдей болгон бир типтүү буюмдарды иштетүүгө арналганы а т а й ы л а ш т ы р ы л г а н А. к. деп аталат. Булар негизинен массалык өндүрүштө, ал эми тез өзгөртүлүүчү у н и в е р с а л д у у А. к. сериялык өндүрүштө колдонулат. Алар өндүрүштүн көлөмүнө ж-а тех. процесстердин түрүнө жараша жайгаштырылып, ж а р ы ш ж-а у д а а л а ш иштөөчү А. к. болуп бөлүнөт. Иштөө шартына карата А. к-ды башкаруу системалары мех., электрдик, гидравликалык, пневматикалык ж-а айкалыштырылган байланыштуу болуп курулат. Кээде электрондук программалуу башкаруу колдонулат. Иштетилүүчү тетиктерди бир оруңдан экинчисине жылдыруу үчүн, атайын трансп. системасы пайдаланылат. Буюмдардын конструкциясына, формасына ж-а өлчөмүнө карата транспортёрлор кадамдуу, штангалуу, грейфелүү, чынжырлуу ж. б. болуп жасалат. Мындай транспортёрлор



Цилиндр түрүндөгү тиштүү дөңгөлөктү иштетүүчү типтүү автоматтык катар: *а* — сыртқы көрүнүшү; *б* — технологиялык процесстин схемасы: *1* — заготовка; *2* — биринчи токардык иштетүү; *3* — экинчи токардык иштетүү; *4* — керүү; *5* — токардык таза иштетүү; *6* — чанак; *7* — фрезерлөө; *8* — тишти матоо; *9* — шевингалоо; *10* — даяр тиштүү дөңгөлөк.

көбүнчө чоң буюмдарды иштетүүчү А. к-да колдонулат.

Ад.: Владзиевский А. П., Автоматические линии в машиностроении, М., 1958; Шаумян Г. А., Автоматы и автоматические линии, М., 1961; Богуславский Б. Л., Автоматы и комплексная автоматизация, М., 1964.

АВТОМАТТЫК КӨЧҮРҮҮ — үлгүсү, калыбы же чиймеси б-ча тетикти даярдоодо анын формасын автоматтык түзүлүш м-н кайра түзүү. А. к. формасы татаал тетиктерди жасоодо колдонулат. А. к. үчүн көчүрүүчү станоктор ж-а автоматтык атайын агрегаттар пайдаланылат. Үлгүнүн, моделдин же калыптын формасын жасалып жаткан тетикке берүү мех., пневматикалык же электрдик системалар м-н ишелет. Чийменин контурун жасалуучу тетикке берүү фотоэлектрдик билдиргич м-н аткарылат.

АВТОМАТТЫК РОТОРДУУ КАТАР — иштетилүүчү тетик м-н кошо аспаптары да айлананын жаасы б-ча жылып жүрүүчү машиналардын, трансп. түзүлүштөрүнүн ж-а приборлордун комплекси. А. р. к. көбүнчө жумуш куймылы туз сызыктуу болгон операцияларды (штамптоо, ныктоо, жыйноо, текшерүү) аткаруу үчүн колдонулат. Анын негизги бөлүктөрү — жумушчу ж-а трансп. роторлор. Жумушчу ротордо валдын айланасында блокко бириктирилген аспаптар белгилүү иретте жайланыштырат да, ротордун тулкусу абдан бекем болот. Аспаптар мех. же гидравликалык түзүлүштөр м-н куймылга келтирилет. Трансп. ротор тетикти бир жумушчу ротордон барабан же алкак түрүндөгү кармагыч м-н кабыл алып, экинчисине өткөрүп берет. Жумушчу ж-а трансп. роторлор *автоматтык катарга* бириктирилет. Кээде бир эле А. р. к. ар кандай операцияны (ныктоону, текшерүүнү, жылуулук м-н иштетүүнү) аткарууга ж-а бир убакытта ар түрдүү тетиктерди иштетүүгө ылайыкталып жасалат. Мындай А. р. к. көп номенклатуралуу катар деп да аталып, негизинен атайын жумуштар үчүн колдонулат. А. р. к. көбүнчө муздак штамптоодо, тамак о. ж-да, пластмассадан тетиктер жасоодо кеңири колдонулат.

Ад.: Калинин Л. Н., Комплексная автоматизация на базе роторных линий, М., 1965.

АВТОМАТТЫК ТЕКШЕРҮҮ — өндүрүштүк процесстерди адамдын катышуусуз каттоодо ж-а жөндөөдө сигнал берүүчү, өлчөөчү ж-а жөндөөчү автоматтык приборлорду колдонуу. А. т. *өндүрүштү автоматташтыруунун* бирден бир негизи болуп, башкаруу органдарын, машиналарды ж-а аппараттарды технол. процесстердин өзгөрүштөрүнө жараша тез ж-а так жөнгө салат. А. т. учурунда өлчөөчү түзүлүштөр текшерилүүчү параметрдин маанилерин каттоочу приборлор аркылуу диаграммаларга жазат. Аткаруучу механизмдер так өлчөсүн үчүн, дифференциалдык, компенсациялык, нолдук методдор колдонулат. Мында өлчөө процесси электрдик же пневматикалык жол м-н автоматташтырылат. Текшерүүнүн пневматикалык методдору — машина курууда, электрдик (сыйымдуулук, индукциялык, фотоэлектрдик) методдору өндүрүштүн ар түрдүү тармактарында кеңири пайдаланылат.

АВТОМЕТАМОРФИЗМ, к. *Метаморфизм.*

АВТОМОБИЛГЕ МАЙ КУЮУЧУ СТАНЦИЯ — автомобилди, мотоциклди ж. б. машиналарды күйүүчү ж-а майлоочу май, суу м-н камсыз кылуучу ж-а нефть продуктыларын, запастык бөлүктөрдү сатуучу курулуш комплекси. Ал автомоб. жолунун боюна жайгаштырылат. Шаардан алыскы станцияларда автомобилдерди тех. тейлөө, жуун тазалоо үчүн аянтчалар, кафетерий, тиричилик имараттары кошо курулат. Станциянын жабдууларына: бетондолгон атайын аянтчага орнотулган май куюучу колонкалар, суу ж-а аба толтурулуучу көлөмдүү идиштер, орт очүрүүчү жабдуулар, компрессор кирет. Күйүүчү ж-а майлоочу майлар жерге көмүлгөн резервуарларда сакталат.

АВТОМОБИЛДИ ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨ — автомобиль агрегаттарынын, механизмдеринин ж-а түйүндөрүнүн узак убакытка бузулбай иштешин камсыз кылуучу тех. аракеттер. Сов. Союзунда А. т. т-нүн бирдиктүү, пландуу алдын алуу системасы кабыл алынган. Бул система б-ча автомобиль белгилүү аралыкты жүргөндөн кийин, ага милдеттүү тех. тейлөө жүргүзүлөт; ремонт иштери болсо, зарылдыгына жараша аткарылат. Аткаруу мезгилине ж-а иштелүүчү жумуштарга жараша А. т. т. күн сайын, 1—2-тех. тейлөө болуп болуңот. А. т. т. ж-а ремонттоо жумуштары атайын жабдылган посттордо аткарылат.

АВТОМОБИЛЬ *(авто...* ж-а лат. mobilis — кыймылдоочу) — өз кыймылдаткычы м-н рельссиз жолдо жүрүүчү машина. Шамалдын күчү же ичинде отурган адам күчү аркылуу жылып жүрүүчү арабаны жасооро о. кылымда эле аракет болгон. Өркүндөтүлгөн «өзү жүргүч арабаны» орус дыйканы механик Л. Шамшуренков жасаган (1752). 1784—91-жылда орус ойлоп чыгаруучусу И. П. Кулибин үч ж-а төрт дөңгөлөктүү «өзү жүргүчтү» курууга далалат кылган. Сов. биринчи А. 1924-ж. чыгарылган. СССРде 1932-жылдан баштап ГАЗ маркасындагы А. массалык түрдө чыгарылууда. А-дер колдонулушуна жараша транспорттук, атайын ж-а спорттук болуп болуңот. Транспорттук А. жүктөр ж-а жүргунчүлөр ташуу үчүн, атайын А. керектүү жабдуулар м-н жабдылып, орт өчүрүү ж-а коммуналдык тейлөөлөр үчүн колдонулат. Спорттук А. мелдештерге, ылдамдык рекорддорун коюуга арналат. Трансп. А. жеңил, жүк ташуучу А. ж-а автобус болуп болуңот. Жеңил А-ге 2—8 адам отурууга ылайыкталып, жабык (седан ж-а лимузин), ачык (фаэтон) ж-а ачылма (кабриолет) кузовдор м-н жабдылат. Жүк ташуучу А-ге жүк салына турган кузовдор орнотулат, алардын жүк көтөрүмдүүлүгү 0,25—100 *т* га барабар. Жолдо жүрүү жөндөмдүүлүгү б-ча А-дер жолдо жүрүүчү, карьердик ж-а өтүү жөндөмдүүлүгү жогорулатылган болуп бөлүнөт. Жолдо жүрүүчү А. автомоб. жолунун жалпы тармагында пайдаланылат. Өлчөмдөрү чоңойтулган карьерде жүрүүчү А. атайын жолдордо, мис., карьерлерде иштейт. Өтүү жөндөмдүүлүгү жогорулатылган А. кыйын шарттарда же жолсуз жерлерде иштөөгө ылайыкталган. А. кыймылдаткыч, трансмиссия, жүрүүчү бөлүк, башкаруу механизмдери, электр жабдуулары, кузов ж-а кабинадан турат. А-дер кыймылдаткычтарынын түрлөрүнө жараша бензиндик, дизелдик, газ-баллондуу ж-а газ-генератордуу болуп бөлүнөт.



1-сүрөт. МЗМА-412 карбюратордуу кыймылдаткычтын туурасынан кесилиши: *1*—картер; *2*—муунактуу вал; *3*—шатун; *4* — поршендин шакекчеси; *5* — поршень; *6* — цилиндрдин блогу; *7* — клапан; *8* — цилиндрдин беркү; *9* — бөлүштүргүч вал; *10* — коромысло; *11* — карбюратор; *12* — стартёр.

А. кыймылдаткычы — автомобилди кыймылга келтирүүчү мех. энергиянын булагы болгон атайын кыймылдаткыч. Автомобилдер үчүн жылуулук ж-а электр кыймылдаткычтары колдонулат. А. к-нын көпчүлүгү ичинен күймө поршендүү кыймылдаткыч болот да, жумуш процесси төрт ж-а эки тактылуу болуп, күйүүчү майды от алдыруунун жолу б-ча карбюратордуу ж-а дизелдик болуп бөлүнөт. А. к. цилиндрлеринин саны ж-а жайланышы (катарлаш, V түрүндө ж. б.), клапандарынын орун алышы (жогору же төмөн), цилиндрлеринин жумуш аткарылуучу көлөмү (литражы), муздатылышынын түрү (суу же аба м-н), аткарган кызматы ж. у. с. б-ча айырмаланат. Азыркы кездеги төрт тактылуу А. к. (1, 2-сүрөт) цилиндрлердин блогунан (картери м-н) ж-а беркүнөн, поршендерден, шатундардан, муунактуу валдан, күүлөндүрүүчү дөңгөлөктөн, бөлүштүргүч валдан ж. б. турат. Кыймылдаткычтар радиатор, желдеткич, аба ж-а май чыпкалары, стартёр ж. б. м-н жабдылат. Жеңил ж-а аз көлөмдүү аккумуляторлорду түзүү шаар ичинде жүргөн автомобилдердеги ичинен күймө кыймылдаткычтарды электр кыймылдаткычтары м-н алмаштырууга мүмкүндүк берет.

А-дин жүрүү бөлүгү — автомобилдин бардык механизмдери, кузову орнотулуучу тележканы түзүүчү шасси бөлүктөрүнүн тобу. А. ж. б. рама, асма, алдыңкы ж-а арткы октордон, дөңгөлөктөрдөн турат. Рамага кузов, кабина, кыймылдаткыч, кыймыл берүүчү куту ж. б. механизмдер м-н түйүндөр орнотулат. Автобустарда, жеңил автомобилдердин көпчүлүгүндө раманын милдетин кузов аткарат. Өңгүл-дөңгүл жолдо дөңгөлөктөрдүн биринин абалынын өзгөрүшү экинчисине таасирин тийгизбесин үчүн, дөңгөлөктөр рамага өз-өзүнчө асылып бекитилет. Айрым автомобилдерде дискалуу дөңгөлөктөр колдонулат. Алар окко орнотулган күчөккө бекитилген дискадан, камералуу же камерасыз пневматикалык шиналуу алкактан турат; жүк ташуучу оор автомобилдердин, автобустардын көпчүлүгүндө түздөн-түз күчөккө бекитилүүчү алкагы бар дискасыз дөңгөлөктөр орнотулат.

А-дин рулдук башкаруу системасы — автомобилдин жүрүү багытын өзгөртө турган механизмдердин ж-а түзүлүштөрдүн системасы. Бул система руль механизминен ж-а дөңгөлөктөргө бекитилген куймылга келтиргичтен (привод) турат. Руль механизми *дөңгөлөктү* буруу үчүн аз күч жумшоого, куймылга келтиргич болсо руль механизминен берилген куймылды дөңгөлөктүн буруучу цапфасына берүүгө мүмкүндүк түзөт. Руль механизми (к. сүрөт) штурвалдан (1), ага бириктирилген руль валынан (2), валдын учуна бекитилген червяктан (3), ага илинишкен червяк дөңгөлөгүнөн (4) ж-а анын валына кийгизилген руль сошкасынан (5), ал эми руль куймылга келтиргич узунунан ж-а туурасынан орнотулган тарткычтардан (6), рычагдардан (7) турат. Штурвалды бургандa, бул механизмдер куймылды биринен экинчисине өткөрүп, акыры бурулуу цапфалары м-н кошо дөңгөлөктү да бурат. Руль механизми червяктуу, бурама-сайлуу, кривошиптүү куймыл берүү механизмдери м-н иштетилет. Автомобилди башкаруу жеңил болсун үчүн, куймылга келтиргич механизмге пневматикалык, гидропневматикалык ж-а *гидравликалык күчөткүчтөр* орнотулат.



Автомобилдин рулдук башкаруу системасы.

А-дин электр жабдуулары — автомобилге орнотулган электр приборлору м-н аппараттардын тобу. А. э. ж-на төмөндөгүлөр кирет: ток булагы *(генератор* ж-а *аккумулятор* батареясы); куймылдаткычтын цилиндринде күйүүчү аралашманы тутандыруучу оталдыруу системасы; муунактуу валды айландыруучу электр стартерин иштетүүчү система; сыртқы ж-а ички жарык кылуучу приборлордон турган жарык кылуу системасы; сигнал берүү системасы (үн сигналы, бурулууну көрсөткүч, стоп-сигнал); текшерүү приборлору (амперметр, термометр, манометр, күйүүчү майдын деңгээлин көрсөткүч ж. б.) ж-а автомобилди башкарууну жеңилдетүүчү электр приборлору (айнек тазалагыч, кузов жылытkыч ж. б.). Мындан башка да туманда жүрүүгө жардам берүүчү кошумча фаралар орнотулат.

А-дин кузову — автомобилдин жүргунчүлөр, айдоочу отуруучу ж-а жүктөр же атайын жабдуулар салына



Автомобиль жолунун түрлөнүш кесилишинде көрүнүшү.

...ини проектирование архитектурасы: а — топурак төшөлгөн земполотно (сала), б — жолдун автомобиль жүрүүчү бөлүгү, в — жолдун автомобиль убалынуу линиясынын чектери, г — жолду бекитүүчү элементтик архитектура; д — линиянын, бул жерде жол адамдар жана автомобилдердин жүрө турган жол сызыктары, башкалыктары орнотулат. А. жолун машина жүрүүчү бөлүгү — жолдун негизги элементи. Анын бетине абдан бекем жол-курулуш материалдары төшөлөт. Төшөлгөн материал жыймакай эмес будурлуу калың, демек ж-а автомобилдин долбоорлоо жанына сурулушкандай болушу керек. А. жолун өзөн, терең кою ж. б. м-н кесилишкен жерлерде жасалма курулуштар, көпүрө курулуп, ири түтүктөр орнотулат, өткөөлдөр жасалат. Кыймылды жөнгө салуу үчүн А. ж-на *жол белгилери* ж-а *көрсөткүчтөр* коюлат. Кыргызстанда 1938-ж. 5103 км жол болуп, анын 35 км гана катуу төшөм (асфальт, бетон, кара шагыл ж. б.) м-н капталган. 1940-ж. катуу төшөм м-н капталган жолдун жалпы уз. 1,2 миң км ге жеткен. Улуу Ата Мек. согуштан кийин Кыргызстанда Фрунзе — Рыбачье — Нарын — Торугарт, Нарын — Казарман, Ысык-Көлдүн тегереги, Фрунзе — Ош, Ош — Хорог, Талас — Жамбыл сыяктуу ири жолдор курулуп, пайдаланылууда. Азыркы күндө республикабызда жалпы мамл., респ. ж-а жерг. маанидеги жолдун уз. 20 миң км ден ашык, анын көпчүлүгү катуу төшөм м-н капталган.

АВТОМОБИЛЬ МАГИСТРАЛИ, автомагистраль — ири өнөр жай ж-а маданий борборлорун байланыштырып, өз деңгээлинде бийик ылдамдык м-н түздөн-түз кесилишпестен ж-а эч чарбалык зор машина бир *автомобиль жолу*. А. шаарларды ж-а ө. ж. борборун айланып өтө турчудай кылып да, борбор м-н аралык жол ар-кылуу байланышат. А. I-категориялуу автомоб. жолу үчүн белгиленген нормалар 6-ча долбоорлонот ж-а курулат. Автомобилдердин ар бир бөлүгүнө карай жолу топурак төгүлгөн жанын тегиздөө же айрым-айрым кезекте белүнүп, аралыгы 5 ж-дан кем болбогон тилмин. Жүк ташуучу машиналар көп жүрүүчү жолдордо А-дын жүк ташуучу, жеңил машина-



Автомагистралда бурулуучу жолдорду жасалышы.

лар ж-а автобустар жүрүүчү тилкеси өзүнчө жасалат. Жол белгилери ж-а сигналдары ж-дагы эл аралык конвенцияга (Вена, 1968) ылайык А-дын башталышы ж-а аягы атайын жол белгилери м-н белгиленет. Автомобилдердин жогорку ылдамдыкта коопсуз жүрүшүн камсыз кылуу максатында жолдун бети өтө жылмакай эмес, бир аз бырыгуу болуп жасалат.

АВТОМОБИЛЬ ӨНӨР ЖАЙЫ 19-кылым аягында 20-кылым башында Франция, Германия, АКШ, Англияда пайда болот. Россияда атайын А. ө. ж. болгон эмес. Ригадагы орус-балтика вагон куруу з-ду 1908-ж. алгачкы автомобиль чыгарган. А. ө. ж. СССРде 1924-жылдан тартып өнүгө баштайт. Ушул жылы Москвадагы автомоб. з-ду 10 жүк автомашинасын чыгарган. 1925-ж. Ярославский автомоб. з-ду продукция бере баштаган. СССРде А. ө. ж-ның өнүгүшү үч этаптан турат: биринчиси (1924—30) — жүк ташуучу ж-а жеңил машиналарды сериялап чыгаруу; экинчиси (1931—41) — эл чарбасына керектүү автомобилдерди чыгаруучу адистештирилген автомоб. өндүрүшүн кеңейтүү. 1931-ж. Москва автоз-ду (азыркы Лихачев атн.) реконструкцияланып, 1932-ж. Горький автоз-ду курулду. 1938-ж. Москвада жеңил автомоб. чыгаруучу (ЗИС-101) КИМ-10 з-ду кеңейтилди. Ата Мек. согуш жылдары Урал автомоб. з-ду иштей баштады; үчүнчүсү (1945—72) — эски заводдор реконструкцияланып, жаңы Минск, Кутаиси, Кременчуг, Ульяновск автоз-ддору курулуп, Львов, Павлов, Рига, Курган ш-ларындагы автобус з-ддору ишке берилди. Автомоб. куроочу з-ддор Саринск (Мордва АССРи, 1959), Фрунзе (1965), жеңил машиналарды чыгаруучу з-ддор Москва, Ижевск, Запорожье, Тольятти ш-ларында курулган. Тогузунчу беш жылдыкта Кама суусунун боюнда ири автоз-д курулду. Кыргызстанда автомоб. куроочу ж-а «Кыргызавтомаш» з-ддору иштейт.

АВТОМОБИЛЬ ПОЕЗДИ — бир же бир нече чиркемелүү автомобиль-тарткыч. Бир эле рейсте жалгыз автомобилге караганда, А. п. м-н бир кыйла көп жүк ташылат. Натыйжада эмгек өндүрүмдүүлүгү 1,5—1,8 эсе жогорулап, жүк ташуунун өздүк наркы 25%—30% ке төмөндөйт. А. п-де чиркемелүү автопоезд.



кештирүүнүн пневматикалык ж-а электрдик жабдуулары, жалпы тормоздук системалар, электрдик тармактар колдонулат. Начар жолдо жүрүүчү А. п-не активдүү октор орнотулуп, кыймылдаткычтын айландыруу моменти чиркеменин окторуна да берилет.

АВТОМОБИЛЬ ПОЛИГОНУ — автомобилдер алдын ала сынылуучу жер. Дүйнөдөгү эң ири Борб. ил. из. полигону СССРде 1964-ж. курулган. А. п. автомобилдерди узак убакытка чоң ылдамдыктар м-н сынап көрүү үчүн — айланма, күйүүчү майдын зарп кылынышын, тормоздоо системасынын бекемдигин сынооно карата — «динамометрдик», автомобилдердин чыдамдуулугун билүүгө карата оңгүл-дөңгүл, таш төшөлгөн, табигый ж-а жасалма тоскоолдуктары бар жолдордон турат. А. п. суу бассейни, ар кандай жантаймалар, эңкейиштер, орлор, чаңдуу жолдор, жамгырлуу, ар түрдүү климатка (муздак, ысык) сыноочу камералар ж-а аэродинамикалык түтүктөр м-н жабдылат.

АВТОМОБИЛЬ СПОРТУ — сериялык, спорттук ж-а жарышуу үчүн жасалган автомобилдер арасында мелдеш өткөрүүчү спорттун түрү. Биринчи автомоб. мелдештер 1894-ж. Франциядa Париж — Руан — Париж маршрути б-ча өткөрүлгөн. Мелдеште автомобилдердин бекемдигине, айдап жүрүү жеңилдигине, айдоочунун коопсуздук эрежелерин сактоосуна ж-а бензин сарптоосуна баа берилет. Россияда биринчи автомоб. мелдеши 1898-ж. Петербургга жакын жерде болгон. СССРде автомоб. мелдеши биринчи жолу 1924-ж. Серпухов шоссесинде уюштурулуп, 1948-жылдан бери дайыма өткөрүлүп келе жатат. Бир катар р-ндо ачылган автомоб. клубдар А. с-нун өнүгүшүнө чоң роль ойноодо.

АВТОМОБИЛЬ ТРАНСПОРТУ — жүк ж-а жүргүнчү ташуу транспортунун бир түрү. Ал эл чарбасында кеңири колдонулат. А. т. м-н жакын жерге ж-а тез жеткирилүүчү жүк ташылат. А. т. 20-к-да өнүгө баштайт. 1900-ж. дүйнөдө 11 миң автомобиль болсо, азыр жылыга 25 млн-дон ашык автомашина чыгат. 19-к-да суу ж-а унаа транспортуна караганда т. ж. транспорту басымдуулук кылса, 20-к-да А. т. зор роль ойнойт. 1913-жылдан 1965-жылга чейин А. т-нун жүк ташуу үлүшү 0,2% тен 17% ке чейин өссө, т. ж-дуку 72,9% тен 50,7% ке азайды. СССРде ата мек. автомоб. ө. ж-нын түзүлүшү А. т-нун ылдам өсүшүнө шарт болду. 1940-жылдан 1970-жылга чейин А. т. м-н жүк ташуу — 17, жүргүнчү ташуу 44,5 эсе өстү, 1970-ж. бардык жүктүн 81%ин А. т. үлүшүнө туура келип, башка транспорттордо караганда А. т. м-н жүк 4 эсе көп ташылды да, 27,5 млрд. жүргүнчү А. т-нан пайдаланды. Шаар аралык жүргүнчү ташуу маршруттарынын жалпы уз. 1970-ж. 2,1 млн. км ден ашты. Сов. Союзунун А. т-да 5,1 млн. адам иштейт. Кыргызстанда А. т. 1-беш жылдыкта түзүлдү. 1930-ж. Токмок ш-да автомоб. базасы, кийинчерээк «Союзтранстын» негизинде Кыргтранс» трести түзүлгөн. 1939-ж. Кырг. ССРинин автомоб. эл комиссариаты, ушул эле жылы мурдагы «Кыргызтранс» трестинин ордуна Түп. ж-а Түш. треттери уюшулган. Азыркы мезгилде А. т. республикада негизги транспорт болуп калды. 1950-жылдан 1971-жылга чейин А. т. м-н жүк ташуу — 22,2 эсе, жүргүнчү ташуу 31,4 эсе өстү. 1971-жылдагы маалымат б-ча бардык жүктүн 91% тен көбүрөөгү А. т. м-н ташылган. А. т-нун өнүгүшү үчүн шоссе жолдору куруу жакшы обөлгө болот. 1971-ж. республиканын шоссе жолдорунун уз. 19,7 миң км ге жетти. Алматы — Фрунзе — Ташкен, Ысык-Көл шоссе жолдору Кыргызстанды көшүлаш респ-калар м-н байланыштырып турат.

«АВТОМОБИЛЬНЫЙ ТРАНСПОРТ» — айына бир жолу чыгуучу өндүрүштүк-тех. журнал. РСФСР автомоб. транспорту ж-а шоссе жолдор мин-восу м-н Автомоб. транспорту ж-а шоссе жолдор жумушчулар профсоюзунун борб. комитетинин органы. «А. т.» 1923-жылдан бери чыгат. Анда автотранспорттун экономикасы, ташууну уюштуруу, автомобилдерди пайдалануу, конструкциялоо, өндөө ж. б. ж-дө макалалар жарыяланат.

АВТОМОБИЛЬ-УСТАКАНА — негизги базалардан алыс жерде иштеген автомобилдерди, чиркемелерди, а. ч. техникасын өндөөго арналган көчмө устакана. А.-у. жүк ташуучу автомашинанын шассисине орнотулуп, ным ж-а чаң кирбей турган жеңил кузов м-н жабылат. Жол куруу ж-а талаа жумуштарында пайдалануу үчүн, А.-у-да түрдүү жабдуулар, приборлор, аспаптар, атайын электр станциясы ж-а жүк көтөрүүчү кран болот.

АВТОМОРФИЗМ — көптүктү өзүнө берилген чагылдыруунун системасы б-ча изоморфтуу чагылдыруу, к. *Изоморфизм*.

АВТОМОРФТУУ ТОПУРАК — ар кандай тоо тегинин күкүмдөлүшүнүн натыйжасында пайда болгон топурак. Ага күрөң, кара, боз ж. б. топурактар кирет, алар ар түрдүү мейкиндикте, тоо бетинде көп кезигет. Кыргызстандын бардык жеринде А. т. бар. Аны эрозиядан ж. б. бузулуудан сактап калуу, асылдуулугун жогорулатуу үчүн күрөшүү — жалпы элдик ж-а мамл. ишт.

АВТОНОМИЯ (гр. autonomia — өз алдычалык) — мамл. органдардын, мекемелердин, ишканалардын, уюмдардын же кызмат адамдарынын ишгерим белгилүү даражада өз алдынча жүргүзүшү. Көп улуттуу соц. мамлктин саясий түзүлүшүнө келгенде, В. И. Ленин автономияны улуттук маселени чечүүчү шарттардын бири деп эсептеген. Сов. А. — автономиянын жаңы түрү, биздин өлкөдөгү элдердин улуттук мамл-нин бир формасы. Ал

АВТОМОБИЛЬ ЖОЛУ — автомобилдердин безгинсүү жүк ж-а жыймырт м-н жүгүртүксүз, ыңгайлуу ж-а коопсуз ылдамдык камсыз кылуу үчүн ылайыкташкан жол курулуштарынын комплекси. Ал чарбачылык маанисине ж-а жол ыймагына жараша А. ж.

СССРдеги автомоб. жолдорунун тех. классификациясы

Көрсөткүчтөр	А. ж-нун тех. категориялары				
	I	II	III	IV	V
Автомобилдердин эки багыты каалай ылдамдыктын суммасы орточо интенсивдүүлүгү	600 ден ашык	6000 3000	3000 1000	1000 200	200 дөн аз
Ылдамдыктын эсептелген ылдамдыгы (км/саат)	150	120	100	80	60
Жолдун жүрүүчү бөлүгүнүн эни (м)	2×7,5 ж-а ашык	7,5	7	6	4,5
Кыймыл тилкесинин эни (м)	3,75	3,75	3,5	3,0	4,5
Уланта эңкейиши (%)	30	40	50	60	70
Автомобилдин жүк эң көп кезиге сууруп деңгээлдеринде жолго жасалат басым км ч-нда	100 10	100 10	60 6	60 6	70 6

Ад.: Чудаков Е. А., Автомобиль, М., 1951; Аводин В. Н., Отечественные автомобили, М., 1956; Бухарин Н. А., Автомобили, М.—Л., 1951.

соц. менчикке, Совет бийлигине негизделген.

Ад.: Ленин В. И., Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 20-т.; ошонуку, Улуттар жөнүндө же «автономизация» жөнүндөгү маселеге карата, Чыг., кырг. 1-бас., 36-т.; Златопольский Д. Л., СССР—Федеративное государство, М., 1967.

АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЬ (АО) — СССРде улуттук составы ж-а турмуш тиричилиги жагынан өзгөчөлүгү бар админ. автономиялык негизде союздук респ-канын составына түздөн-түз же край аркылуу кирген область. Сов. Союзунда 8 АО бар: алардын бешөө РСФСРде, үчөө — ГССР м-н Азерб. ж-а Таж. ССРлеринде. Союздук респ-каларды Конституцияларында АОнун укуктарынын жалпы негиздери көрсөтүлгөн союздук респ-канын Жогорку Совети бекиткен жобосу болот. АОнун мамл. бийлик органы—2 жылга эл шайлоочу эмгекчилер депутаттарынын Совети, аткаруучу ж-а тескөөчү органы — эмгекчилер депутаттарынын облаткому. СССР ж-а союздук республикалардын мамл. бийлик органдарында АОнун өкүлдөрү бар. Ар бир АОнун калкы СССР Жогорку Советинин Улуттар Советине 5 депутат, Союздук Советине ж-а союздук респ-канын Жогорку Советине калкынын санына жараша тийиштүү сандагы депутаттарды шайлашат.

АВТОНОМИЯЛУУ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКА (АССР) — союздук респ-канын составына кирген жумушчу ж-а дыйкандардын сов. соц. улуттук мамлекети. Ар бир АССРдин өз конституциясы, территориясы, граждандыгы, мамл. бийлигинин жогорку органдары — Жог. Совети, анын Президиуму, өкмөтү — Министрлер Совети, Жогорку соту, респ. прокурору болот. АССРдин конституциясы ал өзү кирген союздук респ-канын Жогорку Совети тарабынан бекитилет. СССРдин, союздук респ-канын мамл. жогорку бийлик органдарында АССРдин өкүлдөрү болот. Ар бир АССР СССР Жогорку Советинин улуттар Советине 11 депутат, Союздар Советине ж-а союздук респ-канын Жогорку Советине калкынын санына жараша тийиштүү сандагы депутат шайлайт.

АВТОНОМИЯЛЫК ЭТИКА — адептүүлүктүн принциптери м-н талаптарынын сыртқы шарттарга ж-а максаттарга көз каранды эместиги ж-догу идеяга таянган мораль системасы. А. э-ны Кант «Практикалык акылэсти сындоо» (1788) деген эмгегинде өнүктүрүп, аны франц. агартуучулардын теориясына (к. *Гетерономиялык этика)* карама-каршы койгон. Кант ушуну м-н бүткүл адам зат үчүн адептүүлүк закондорду сыртқы мажбурлоо б-ча эмес, ички ишеним б-ча түзүлө турган жеке абийирдин өз алдынчалыгын негиздөөгө умтулган. Бирок моралдын закондорунун социалдык практикадан толук ажырашы Кантты априоризмге — бул закондорду далилсиз негиз катары алууга, бирок далилдөөгө болбойт деген ойго, андан кийин формализмге — адептүүлүк талаптарынын конкреттүү мазмунун аныктоо мүмкүн эместигине алып келген. Марксисттик этика моралдын спецификасын ж-а жеке абийирдин өз алдынчалыгын социалдык закондордун моралдык аң-сезимде өзүнчө чагылышы м-н негиздейт, к. *Адептүүлүк*

АВТОПИЛОТ (*авто...* ж-а фр. pilote — учкуч) — учуучу аппараттарды (самолётту, вертолётту, башкарылма снарядды, ракетаны ж-а Жердин жасалма спутнигин) автоматтык башкаруучу түзүлүш. А-ту түзүү идеясын ж-а схемасын 1898-ж. К. Э. Циолковский сунуш кылган. СССРде 1-жолу А. м-н башкаруу 1932-ж. ишке ашырылган. Алгачкы А. самолёттун учуу кыймылынын бурчтарын гана бир калыпка келтире алса, азыркы А. самолёттун учуп, конушуна чейинки учуу режимин автоматташтырууга мүмкүндүк берет. Ал берилген багытты сактайт, самолёттун узун-туурасынан болгон кыйшаюусун түзөйт, анын оордук борборун туруктуу бир абалга келтирип, аны белгилүү программа б-ча алып жүрөт.

Ад.: Боднев В. А., Теория автоматического управления полётом, М., 1964.

АВТОПОРТРЕТ (*авто...* ж-а фр. portrait — портрет) — сүрөтчүнүн күзгүгө каранып өзүн өзү тарткан сүрөтү. А-те сүрөтчү өзүнүн дүйнөго көз карашын, өзү ж-догу түшүнүгүн, чыгыык принциптерин чагылдырат. Өзүн өзү сүрөткө тартуу байыркы доордо эле (Фидий) болгон. *Кайра жаралуу* доорунун алгачкы живописчилери (Мазаччо, Боттичелли ж. б.) диний темада жазылган композицияларында өздөрүн да кошо тартышкан. Портреттик жанрдын өзгөчө түрү катары А. 16-к-да Жогорку кайра жаралуу доорунда (Рафаэль, А. Дюрер)



С. Чуйков. Автопортрет. 1945.

калыптанды. Ушул доордун при живописчилери (Тициан, Тинторетто) А-те рухий дүйнөсүнүн өз алдынчалыгын жактап жеке адамдын тагдыры ж-де эркин ой жүгүртөкөн. А-теги бу салтты кийинки доордордун при сүрөтчүлөрү (Рембрандт, ван Рейн, Ф. И. Шубин, И. Н. Крамской, М. А. Врубель ж. б.) өөрчүтүштү. 20-к-дын прогрессчил сүрөт иск-восунун өкүлдөрү (К. Кольвиц, Д. Ривера, Р. Гуттузо), сов. сүрөтчүлөр (С. Т. Коненков, М. С. Сарьян, П. П. Кончаловский ж. б.) А. өнөрүнө жаңылыктар киргизишти. Кыргыз иск-восунда Г. Айтиев, С. Чуйков, С. Акылбеков, А. Усубалиев ж. б-дын А-тери белгилүү.

АВТОР [лат. au(c)tor — жазуучу же жаратуучу] — көркөм же публицистикалык чыг-ларды жазган, илимий ачууларды жасаган, долбоорлорду түзгөн, ойлоп чыгарган ж. б. жаңылык киргизген адам.

АВТОРАДИОГРАФИЯ — изилденүүчү объектинин бетине радиоактивдүү нурланууну сезгич фотоэмульсияны жайгаштыруу м-н радиоактивдүү заттардын таралышын изилдөө методу. Өңдөө чыгарылган фотоэмульсиянын бетинде радиоактивдүү заттардын таралышын мүнөздөөчү тактар ж-а издер даана көрүнүп турат (к. сүрөт). Изилденүүчү объектиге фотоэмуль-



Никель үлгүсүнүн микрофотограммасы. Никелде радиоактивдүү изотобу ^{119}Sn аркылуу калайдын диффузияланышы изилденген.

сияны жайгаштыруу үчүн, үлгүнүн (образец) жылмаланган бетине фотопластинка түрүндө коюу же эмульсияны түздөн-түз үлгүнүн бетине каптоо жолдору бар. А. методу физикада, техникада, биологияда ж-а медицинада, изотоптуу индикаторлор колдонулган бардык жерлерде кеңири колдонулат.

Ад.: Бойд Д. А., Авторадиография в биологии и медицине (пер. с англ.), М., 1957; Жинкин Л. Н., Применение радиоактивных изотопов в гистологии (Радиоактивные индикаторы в гистологии), Л., 1959.

АВТОРДУК РЕЧЬ — каармандын мүнөзүн, жекече абалын, кыймыл-аракетин, айлана-чөйрөгө карата мамилесин, табият буюмдарын кубулуштарын жазуучунун өз сөзү м-н сүрөттөөсү. Көркөм чыг-да тил айрыкча маанилүү. Анткени көркөм образдар, мүнөздөр, окуялар ж. б-дын бардыгы сөздүн жардамы м-н берилет. Чыг-да катышуучу каармандардын социалдык-психол. абалына, кесипине, индивидуалдуу өзгөчөлүгүнө, жашынаылайык ар биринин ар башкача речи болуу м-н бирге өз речи да болушу керек. Мис., Т. Сыдыкбеков «Биздин замандын кишилери» романында Любанын «Б» колхозуна келип, Касейиндин үйүндө болушун, аның Украинадагы турмушун өзүнүн сөзү м-н сүрөттөйт. Кээде лирикалык чегинүү, чыг-дагы окуялар м-н каармандардын иштери түздөн-түз байланышпай, автордун окуяга карата болгон мамилесин көрсөтүп, белгилүү окуя ж-догу мурунку баяндоону толуктаган учурду да А. р. болот.

АВТОРДУК ТАБАК — адабий чыгынын көлөмүн өлчөй турган бирдик. А. т-ка 40 миң белги (буга сөз арасындагы бош жерлер да кирет), же 700 сап ыр, же 3 миң *см²* басылган графикалык материал (иллюстрация, карта ж. б.) туура келет.

АВТОРДУК ТАБЛИЦАЛАР — китептерди китепкана текчелерине алфавиттик тартипте жайгаштырууну жеңилдетүү максатында түзүлгөн өзгөчө таблицалар. А. т. 1-жолу 19-к-дын аягында амер. китепкана илимпозу Ч. Кеттер тарабынан түзүлгөн. А. т. авторлордун фамилияларынын башкы муундарынан (эгерде автору көрсөтүлбөсө, китептин атынын 1-тамгасынан) турат. Мис., Абаев деген фамилияга автордук белги болуп А. эсептелет. СССР элдеринин ар түрдүү тилдериндеги жазылган китептерди жайгаштырууда ошол тилдердин алфавитине ылайык А. т. иштелип чыккан.

АВТОРДУК УКУК — илим, адабият, искусство чыгармаларын жаратуурга ж-а пайдаланууга байланыштуу укуктук мамилелерди жөнгө салуучу гражд. укуктун бир бөлүгү. Сов. А. у. автордун чыгармачылык жактан өсүшүнө кам көрүп, аның таламын коргойт ж-а аны коомдук мүдөө м-н айкалыштырат. Кыргызстанда А. у. Кырг. ССР гражд. кодексинин IV бөлүмү м-н жөнгө салынган. Чыгармаңы жарыялоо же жарыялабоо, ага өзгөртүүлөр ж-а кошумчалар киргизүү, аны өз аты же жашыруун ат м-н чыгаруу — автордун өз укугу. Автор өз чыгармасы үчүн тиешелүү өлчөмдө гонорар алат. Докладдар, адабий, илимий ж-а иск-во чыгармалары кайрадан газетага жарыяланса, радиодон, телевиденеден берилсе, акы төлөнбөйт. А. у. авторго өмүр бою берилет, Көзү өткөн соң, чыгармаларын кайра бастыруу, таратуу, акысын алуу укугу 25 жылдык мөөнөт м-н мурасчысына өтөт. Чыгарма автор же анын мурасчылары м-н түзүлгөн договордун негизинде пайдаланылат. Коомдун мүдөөсү үчүн, кээде чыгарманы автордон, мурасчыдан макулдук сурабай деле пайдаланса болот. Жарыя кылынган чыгарманы башка тилге которууга, андан пайдаланып жаңы чыгарма жаратууга автордон атайын руксат талап кылынбайт.

Ад.: Кыргыз ССРинин Граждандык кодекси, Фр., 1972; Антимонов Б. С., Флейшиц Е. А., Авторское право, М., 1957; Серебровский В. И., Вопросы советского авторского права, М., 1956.

АВТОРЕФЕРАТ (*авто...* ж-а лат. referre — баяндаймын, билдиремин) — илимий эмгегинин негизги мазмуну ж-де автордун өзү жазган кыскача баяндамасы, мис., диссертациянын А-ы.

АВТОРИТАРИЗМ (лат. auctoritas — бийлик, таасир) — саясий бийлик жүргүзүүнүн демократияга каршы системасы. А.— капит. мамл-тердин ашыкча реакциячыл саясий системалары үчүн мүнөздүү. А.— өлкөнүн ички ж-а тышкы саясатына тиешелүү маселелерди демократияга, эл массасына таянбай чечүүчү саясий режимдин бир формасы. Мындай бийлик эл тарабынан түзүлбөйт ж-а контролдонбойт, куралдуу күчкө, зордук-зомбулукка таянган өзүүчү таптардын үркөрдөй аз тобунун колунда болот. Авторитардык бийлик аскердик жазалоочу аппаратка таянып, террор жолу м-н оппозициялык күчтөрдү басып турат. Азыр Испания, ЮАР, Чили өңдүү өлкөлөрдө аскердик-полициялык төңкөрүштөрдөн улам орнотулган фаш. режимдер сакталып келатат.

АВТОРИТЕТ (лат. auctoritas — бийлик, таасир) — кандайдыр бир адамдын же үюмдун таасирин коомчулуктун кабыл алышын көрсөтө турган этикалык түшүнүк; бийликти ишке жүзөгө ашыруунун формаларынын бири. Коомдук үюмдарды же адамдарды белгилүү бир А-сиз үюштурууга, башкарууга болбойт. Алгачкы тапсыз коомдо коомдук тартип уруу ак сакалдары же аялдар пайдаланган авторитет, кадыр-барктын ж-а адат-салттын күчү м-н (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 29-т., 531—532-б.) сакталып келген. Коомдо таптын пайда болушу м-н уруу ак сакалдарынын, көсөмдөрүнүн А-и зордукка таянган мамл. мекемелердин, полиция, армиянын А-ти м-н алмашылган. Ал эми феодализм учурунда мамл. зордуктоо А-не диний А. кошулган. Азыркы капит. өлкөлөрдө А. б-ча эки көз караш бар. Биринчиси А-тин бардык түрүнө каршы чыгат. Энгельстин айтуусу б-ча А-тин бардык түрүнө каршы чыгуу — реакциячыл жол. Экинчиси — фаш. идеологдор жарыялаган «күчтүү» адамдарга баш ийүү теориясы. Мындай А. эмнеге алып келери жалпыга маалым. Марксизм-ленинизм А-тин таза илимий мазмунун ачты. К. Маркс м-н Ф. Энгельс А-ке «өтө ишенип кетүүгө» ж-а жок нерсеге, жеке адамга сыйынууга чечкиндүү каршы чыгышкан. В. И. Ленин эмгектин убагында А-тин, дисциплинанын зарылчылыгын белгилеген. Ар кандай А-ке каршы чыккан жалган рев-чылдыкты, бурж. илимдин ж-а полициялык саясаттын казналык А-ин четке кагып, В. И. Ленин жумушчу табына авторитеттүү жетекчилер керек деп жазган. Коммунисттик этика А-ти адамдын, башкаруучунун, мамл.-саясий үюмдардын эң кымбат моралдык касиети деп эсептейт. Коммунисттер жеке адамга сыйынууга каршы болуу м-н жеке адамдардын тарыхтагы объективдүү ролун танбайт. Капитализмден социализмге өтүү доорунда жумушчу табынын марксисттик-лениндик саясий партиялары м-н алардын жетекчилеринин А-и күндөн-күнгө жогорулоодо.

Ад.: Энгельс Ф., Авторитет жөнүндө, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., Фр., 1-т; Ошонуку, Теодор Куного (кат.). 24-янв. 1872, Маркс К., Энгельс Фр., Тандалган каттар, Фр., 1962; Ленин В. И., Об авторитете руководителя. Сб., М., 1963.

АВТОСТАНЦИЯ—жүргүнчүлөрдү тейлөөчү ж-а жүк ташуучу камсыз кылуучу автотранспорттук мекеме. Ал жүргүнчүлөр ж-а жүк А-сы болуп бөлүнөт. Жүргүнчүлөр А-сы — шаар аралык ж-а шаар айланасындагы автобус катнаштарында жүргүнчүлөрдү тейлөөгө арналган курулуш комплекси (к. *Автовокзал).* Жүргүнчүлөр А-сы кичирээк шаарларда ж-а райондун борборлорунда, автобустун акыркы токтоочу жеринде курулат. Жүк А-сы — жалпы пайдалануудагы автомб. трансп. системасында шаар аралык жүк ташуу ишин жүргүзүүчү трансп. уюм. Жүк А-сы ири шаарлар м-н ө. ж. борборунан сыртка кеткен жолдордун чыга беришине, т. ж. станциясына, деңиз ж-а дарыя портторуна жакын курулат. Жүк А-сынын негизги милдети — жүктөрдү өз убагында ташып жеткирүү; трансп.-экспедициялык иштерди аткаруу; автомобилдердин жүрүү графиктеринин орундатылышын текшерүү ж-а жүк жөнөтүүчүлөр м-н эсептешүү. Жүк А-сы жүктөрдү түзүлгөн келишим же заказ б-ча ташып жеткирет. Кыргызстандагы бардык райондордун борборлорунда ж-а шаарларында жүргүнчүлөр А-сы, ири райондордо жүк А-сы бар.

АВТОСТЕРИЛДҮҮЛҮК (*авто...* ж-а *стерилдүүлүк)* — өсүмдүктөр өзүн өзү чаңдаштырганда пайда болгон тукумсуздук. А. гүл чаңчасы, ошол эле гүлдүн же өсүмдүктүн башка гүлдөрүнүн чаңдагычтарында же ушул сортко кирген экинчи өсүмдүктүн гүлдөрүнүн чаңдагычтарында өсүүгө жөндөмсүз болгондо, А. келип чыгат. А. кайчы чаңдашуучу эки жыныстуу өсүмдүктөрдө учурайт. А. өсүмдүктүн абалына, тышкы шарттарга жараша өзгөрүшү мүмкүн, б. а., бир шартта автостерилдүү болгон өсүмдүк башка шарттарда *автофертилдүү* болуп калышы мүмкүн. Мис., автостерилдүү өсүмдүктүн өзүн өзү чаңдаштырышы гүлдөө аянтан калган кезде болсо, ал уруктанып, урук берет, к. *Стерилдүүлүк.*

АВТОТЕРМЕЛҮҮ — сырткы өзгөрүлмөлүү күч аракет кылбаса деле кандайдыр бир системадагы басаңдабоочу

термелүү. Амплитудасы ж-а мезгили оңол термелүүчү системанын гана касиеттерине көз каранды болушу м-н А. *аргасыз термелүүдөн* айырмаланат. Аргасыз термелүүдө анын амплитудасы, мезгили сырткы күчтөн көз каранды. Сааттын маятнигинин термелүүсү ж-а лампалык генератордогу электр термелүүлөр А-гө мисал болот. Ар кандай А-чү системада аны термелтип туруучу энергиянын булагы болот. Термелүү басандабасын үчүн, булактан системага берилген энергия анын зарыталган энергиясын толуктап туруусу зарыл. Мындай толуктоо жалпысынан термелүүнүн ар бир толук мезгилинде болуп турат. А. системасы термелүүчү системадан, энергиянын булагынан, энергиянын булактан системага келишин жөнгө салып туруучу түзүлүштөн турат. Мис., саатта маятник — термелүүчү система, пружина — энергиянын булагы, анкер энергиянын маятникке келишин жөндөйт.

Ад.: Горелик Г. С., Колебания и волны, 2 изд., М., 1959; Теодорчик К. Ф., Автоколебательные системы, 3 изд., М.—Л., 1952.

АВТОТИПИЯ *(авто...* ж-а гр. typos — из түшүрүү) — көш түстүү нускаларды (фото ж-а түстүү сүрөттөрдү) *бийиктиктен басуу* ыкмасы м-н фотографиялап көчүрүүнүн полигр. жолу. А-да сүрөттү көп сандаган майда чекиттерге бөлүү талап кылынып, бул үчүн растр колдонулат. Растр — бетине жарык түшүрүлгөн кара сызыктар тик бурчтук б-ча жайгаштырылып, бири бирине чапталган көш айнек. Басылуучу кагаздын сапатына ж-а басуу ылдамдыгына жараша 1 *см* деги сызыктын жыштыгы ар түрдүү (24 төн 80 ге чейин) болгон растр пайдаланылат. Мында 1 *см*² аянтка 576—6400 чекит түшөт. Нусканы көчүрүүдө растр фотоаппараттын камерасындагы жарык сезгич пластинкадан бир аз алыстыкта жайгаштырылат. Нускага тийген жарык андан чагылып, объектив м-н растр аркылуу өткөндө, көп сандаган нурларга бөлүнүп, пластинканын бетине көп чекит болуп түшөт. Мында сүрөттүн күңүрт жериндеги чекиттердин диаметри кичинекей, агыш жериндеги чекиттердики чоң болгон негатив алынат. Аны жарык сезгич катмардуу цинк пластинкасына түшүргөндө, растрлуу позитив сүрөтү пайда болот. Цинк пластинкасындагы сүрөттү азот к-тасы м-н бир нече жолу иштеткенде, чекиттин арасындагы металл аймактар оюлуп түшүп, чекиттер томпоюп чыгып калат да, бийиктиктен басуу формасы алынат. Мындай растрлуу же торлуу клишелер А. деп аталат. Клишенин кагазга басылып алынган тагы да А. болуп саналат.

АВТОТРАНСФОРМАТОР — оромдору бири бири м-н гальваникалык байланышта болгон электр трансформатору. А-дун оромуна бир эле учурда кирүүчү ж-а чыгуучу тармактар кошулат. Чыгуучу тармактын чыңалуусунун жогорулатылган же төмөндөтүлгөн маанилери оромдун атайын кыскычтарынан алынат. А. көп оромдуу трансформатордон жеңил болот. Ал өзгөрүлмө токтун кубаттуу кыймылдаткычтарын ишке киргизүүчү



Автотрансформатордун электр схемасы: U_1 — жогорку чыңалуу; U_2 — жогорку чыңалуунун орому; W_1 — төмөнкү чыңалуу; W_2 — төмөнкү чыңалуунун орому.

түзүлүштөрдө, релелик сактоо схемаларында колдонулат. Жөнгө салынуучу А. тармактагы чыңалуу өзгөрсө да, керектөөчүлөргө берилүүчү чыңалууну туракту туруга мүмкүндүк берет.

АВТОТРОФТУУ ОРГАНИЗМДЕР, а в т о т р о ф т о р *(авто...* ж-а гр. trophe— тамак) — тиричилик үчүн варыл болгон орг. заттарды орг. эмес заттардан синтездөөчү организмдер. А. о-дин эки түрү белгилүү: фотосинтездөөчүлөр ж-а хемосинтездөөчүлөр. Фотосинтездөөчүлөр же фототрофтуу организмдер орг. эмес заттардан (көмүр кычкыл газынан ж-а суудан) орг. заттарды түзүүдө күндүн нурунун энергиясын пайдаланышат. Күндүн энергиясын пайдаланып, орг. заттарды синтездөө процесси фотосинтездөөчүлөрдүн клеткаларында гана учуроочу хлорофилл пигментинин катышуусу м-н ишке ашат. Фотосинтездөөчүлөрго *татаал түзүлүштүү өсүмдүктөр* (мите ж-а сапрофиттерден башкасы), балырлар ж-а түстүү *бактериялар* кирет. Хемосинтездөөчүлөр же хемотрофтуу организмдер орг. заттарды синтездөөдө хим. реакцияларда бөлүнүп чыккан энергияны пайдаланат (к. *Хемосинтез*). А. о-дин бул тобуна топурактагы, сууда жашоочу темир, күкүрт бактериялары, нитрификациялоочу ж-а азот топтогуч бактериялар кирет. А. о-дин, өзгөчө фотосинтездөөчүлөрдүн табиятта мааниси өтө чоң, к. *Фотосинтез*, *Гетеротрофтуу организмдер*.

АВТОФАЗИРОВКА — зарядуу бөлүкчөлөрдүн ылдамдаткычтарынын көпчүлүгүндө *электрондорду, протондорду, альфа-бөлүкчөлөрдүн* ж-а көп заряддуу иондордун жогорку энергиядагы ылдамдануусун камсыз кылуучу кубулуш. 1944-ж. сов. физик В. И. Векслер, 1945-ж. амер. физик Э. Макмиллан ачкан. *Циклотрондо* бөлүкчөлөр туруктуу магнит талаасында айланат да, дуанттын ортосундагы жылчыктарда ылдамдатылат. Бөлүкчөнүн айлануу жыштыгы ω ж-а өзгөрүлмө электр талаасынын өзгөртүү жыштыгы ω_0 бири бирине барабар: $\omega = eH/mc = \omega_0$; *e*, *m* — бөлүкчөнүн заряды ж-а массасы, *c* — жарыктын ылдамдыгы, *H* — магнит талаасынын чыңалышы. Бөлүкчөнүн энергиясынын өсүшү м-н анын массасынын релятивдик чоюлушу ж-а магнит талаасы магниттин жылчыгынын борборунан четин көздөй бир аз азайгандыктан, $\omega = \omega_0$ барабардыгы бузулат. Резонанс бузулганда, бөлүкчөлөрдүн энергияларынын өсүшү тезинен токтолот. Магниттин жылчыгындагы магнит талаасынын чыңалышы же ылдамдатуучу талаанын жыштыгы убакытка карата жай өзгөрсө, анда *W* м-н W_0 ортосундагы резонанс орто эсеп м-н бөлүкчөлөрдүн чоң тобу үчүн автоматтык түрдө кармалып турат, б. а., $W_{орт} = W_0(t)$. Бул кубулушту Векслер — автофазировка, Макмилан фазалык туракттуулук деп атаган.

Ад.: к. *Заряддалган бөлүкчөлөрдүн ылдамдаткычтары* деген макаланын алгынан.

АВТОФЕРТИЛДҮҮЛҮК *(авто...* ж-а лат. fertilis — тукумчул) өсүмдүктөрдүн өзүн өзү чаңдаштырып урук бериши, к. *Фертилдүүлүк*.

АВТОХОРЛОР *(авто...* ж-а гр. choréo— баратам, тарап жатам) — сырткы таасирлер катышпай эле жетилген мөмөлөр күч м-н ачылганда, уруктарынын жерге чачылышы (механохория); мөмөлөрдүн оор салмагынын таасири м-н үзүлүп чачырашы аркылуу (барахория) ж-а мөмөлөрдүн топуракка кирип, өсүп жетилүүсү аркылуу (геокарпия) таралуучу өсүмдүктөр.

АВТОХТОН (гр. autochton — жергиликтүү) — 1) алгачкы пайда болгон жеринде басырылып калган материалдардан турган тоо тектер ж-а кендер. Мис., өсүмдүктөр өскөн ордунда таш көмүргө айланышы. 2) Автохтондуу структуралар (автохтон) — тектон. бузулуулардан кийин өз ордунда калган бүктөлүү түзүлүштөрүнүн бир бөлүгү. А-дун тескери мааниси *аллохтон*.

АВТОХТОНДОР (гр. autóchthones — жергиликтүүлөр), а б о р и г е н д е р — эволюция процессинде белгилүү жерде пайда болуп, азыркы мезгилде да ошол жерде жашап жаткан организмдер. Өрдөк тумшук ж-а эвкалипт — Австралияныкы, кумурскачылар, плээндилер, жапайы картошка Түн. Американыкы А-у болуп саналат.

АВТОЭЛЕКТРОНДУК ЭМИССИЯ — күчтүү электр талаасы (чыңалуусу $\sim 10^5$ *в/см*) аракет кылганда, металлдардан ж-а жарым өткөргүчтөрдөн электрондордун бөлүнүп чыгышы ж-а ылдамдатылышы. А. э. учурунда электрондор катоддун чегиндеги *туннелдик эффект* эсебинен потенциалдык барьерди басып өтөт. А. э-нын *термоэлектрондук эмиссиядан* артыкчылыгы — катодду ысытууга кошумча энергия, убакыт талап кылбай ж-а А. э. тогу өтө чоң (10^7 *а/см*²) тыгыздыкта болушунда. А. э. катуу заттардын касиеттерин изилдөө ж-а автоэлектрондук эмиссиялык микроскопто (электрондук проектордо) колдонулат, к. *Туннелдик эффект*.

АГА — улуу эркек тууганына кичүүлөрүнүн урматтап кайрылышы; о. эле кичүүлөрдүн улууларды жалпы жонунан урматтап аташы.



Америка агавасы; *а* — гүлү.

АГАВА (Agave) — амариллистер тукумундагы өсүмдүк. Сабагы кыска, жалбырактары калың, четги тикенектүү. Чогуу өскөн жалбырактардын орто ченинен гүл сабагы (12 *м* ге чейин) өсүп чыгат. Гүлү көп. А. 6—15 жылда бир жолу гүлдөйт. Мөмөсү бышканда, өсүмдүк куурап калат. Мексикада А-ның 300дөн ашык түрү жапайы өсөт. СССРде А. Крымдын түштүгүндө, Кавказдын Кара деңиз жээктеринде парктарда өстүрүлөт. А-ның көп түрлөрүнүн жалбырактарынан аркан, жип эшип, таар токушат, калдыктарынан кагаз жасалат. Гүлдөө алдында алынган канттуу ширесинен алкоголь ичимдиктер даярдалат. А-ның кай бирининн тамыры медицинада дары-дармек катарында колдонулат. Кыргызстандын парктарында кооздук үчүн өстүрүлөт.

АГАМАЛАР (agamidae) — сойлоочуларга кирүүчү кескелдирик. Денесинин уз. 30 *см*. Башы майда тегечелер м-н капталган, тиштери жаагынын сырткы жээгинде (акродонттуу), буттары жакшы өөрчүгөн. А-дын 35 уруусу, 300гө жакын түрү Африка, Түш.-Чыг. Европада, Түш. ж-а Борб. Азияда, Австралияда бар. СССРде 2 уруусунун 13 түрү кездешет. Кыргызстанда 4 түрү жашайт. А. 3—5 жумуртка туулат. А. зыянкеч курт-кумурскалар м-н азыктанып, а. ч-на чоң пайда келтирет.

АГАРТУУ — хим. процесстердин жардамы м-н ар түрдүү материалдардын табигый түсүн өчүрүп, ак өң берүү. Анын технологиясы булаларды алдын ала тазалоо, өңүн өчүрүү ж-а агартуудан турат. Тазалоо үчүн суу, самын, шакар ж-а кислоталар, материалдын өңүн өчүрүп, агартуу үчүн кычкылданткычтар (кальций же патрий гипохлорити, суутектин өтө кычкылы, марганец кычкыл калийи) ж-а калыбына келтиргичтер (күкүрт газы, патрийдин бисульфити ж-а гидросульфити) колдонулат. А. процесси кездеме токуу ж-а булгаары ө. ж-ларында кеңири пайдаланылат.

АГАТ [Сицилия а-дагы байыркы Ахатес д-ның (азыркы Дирилло) атынан] — минерал, *халцедондун* бир түрү. Катталышкан түрдүү түстөгү жука (10 *мкм*ге чейин) жикчелерден тургандыктан, ар кандай өңдө кубулжуп көрүнөт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6,0—6,5. Жикчелердеги түстөрдүн айкалышына жараша о н и к с (ак м-н кара), к а р н е о л о н и к с (кызыл м-н ак), с а р д о н и к с (кызгылт күрөң м-н ак), а г а т (көгүлтүр боз м-н ак) деп аталат. Жанар тоо тектеринин көндөйчөлөрү м-н жаракаларында пайда болот. Кооздун ж-а асыл таш катары, о. эле тех. аспаптарды даярдоодо колдонулат.

АГГЛЮТИНАТИВДИК ТИЛДЕР, ж а л г а н м а л у у т и л д е р — үңгу создон кийин же мурда түрдүү аффикстер жалгануу аркылуу соз жасоого ж-а соз өзгөртүүгө мүмкүн болгон тилдердин тобу. А. т-де үңгу создо ар түрдүү аффикстер жалгануу аркылуу граммат. формалар пайда болот. Азиядагы, Африкадагы, Океаниядагы көпчүлүк тилдер А. т-ге жатат, мис., түрк, монгол, венгр, полинезий, банту ж. б. тилдер, к. *Агглютинация*.

АГГЛЮТИНАЦИЯ (лат. agglutinare — тизмектелүү) — создун өзгөрбөөчү морфемасына (уңгусуна) белгилүү бир мааниден ар кандай мүчөлөрдүн тизмектениш, жалганыш өзгөрүшү (мис.: жаз+уу+чу+лар+ы+быз, оку+ган+дар ж. б.).

АГЕСИЛАЙ II (б. з. ч. 442—358-жылга жакын)—401-жылдан тартып Спартанын падышасы, кол башчы ж-а дипломат. 396—394-ж. К. Азияда Персияга каршы согушуп, бир катар жеңишке жетишкен, бирок Спарта Коринф согушунда кыйын абалга туш болго баштаганда, А. Персияга каршы согушу токтотулп, кайра келген. Б. з. ч. 387—386-ж. *Анталкид тынчтыгы* түзүлүп, Коринф согушу токтотулган. Анталкид тынчтыгынан кийин бир аз убакытка Грецияда Спартанын үстөмдүк кылышы калыбына келтирилген. А. Египеттен келе жатып жолдо өлгөн.

АГИН-БУРЯТ УЛУТ ОКРУГУ — РСФСРдин Чита обл-да түзүлгөн округ (1937-ж. 26-сент.). А.-Б. у. о. Забайкальенин түштүгүндө. Округда 3 район, 2 шаар тибиндеги посёлок (Агинск, Могойтуй) бар. Калкы 66 миң (1970), борбору — Агинск. Жериннин көпчүлүк бөлүгү тоолуу, климаты кескин континенттик. Июлдун орт. темп-расы 16—20°С, январда —22—26°С ге чейин. Жылдык жаанчачын 300—500 *мм*. Тоолуу бөлүгү боз, түзөң жерлери кара топурактуу Бетеге ж-а шыбак өсөт. Жалпы аянтынын 30% тен ашыгын токой зонасы ээлейт. Жерг. калкы — буряттар булардан башка орус, украин, татар ж. б. улуттар жашайт. Орт. жышт. 1 *км*² ге 3,3 киши.

А. ч. негизги ролду ойнойт. Уяң жүндүү кой, эт-сүт багытындагы бодо мал, төө, чочко багылат. Дан эгиндери (буудай, арпа, сулу) ж-а тоют өсүмдүктөрү айдалат. Ө. ж. негизинен а. ч. сырьёсу м-н токой жыгачтарын иштетүү болуп саналат. Шоссе жолдордун уз. 970 *км*, аның 300 *км* — таш жол. Агинскиде пед. окуу жайы бар. 1930-жылдан бери бурят тилинде «Агын унэн» ж-а «Агинская правда» газеталары чыгат.

АГИНСК — РСФСРдин Чита обл-дагы Агин-Бурят улут округунун борбору, шаар тибиндеги посёлок (1811-ж. негизделген, 1954-ж. шаар тибиндеги посёлокко айланган). Амур алабындагы Ага д-ның төмөнкү ороонундо, Могойтуй т. ж. станциясынан 37 *км* түш.-бат. тарапта жайгашкан. Калкы 7,2 миң (1967). Май ж-а нан э-ддору, пед. окуу жайы, китепканасы бар.

«АГИТАТОР» — КПСС БКнын журналы. 1923-ж. негизделген. А дегенде РКП(б) БКнын, РКП(б) Москва комитетинин Саясий агартуу башкы башкармасынын органы болуп чыгып турган. 1956-жылдан бери айына 2 жолу чыгат. Журналда КПССтин ж-а Совет өкмөтүнүн ички ж-а тышкы саясатынын маселелери ж-дегү макалалар жарыяланат. Массалык-саясий жумуштардын тажрыйбаларын жыйынтыктайт. Идеологиялык кадрларга ж-а мекемелерге жардамчы материалдар, сын-библиогр. макалалар басылып турат.

АГИТАЦИЯ (лат. agitatio — кыймылга келтирүү) — көпчүлүккө саясий таасир берүүчү каражаттардын бири, таптардын, партиялардын саясий күрөшүнүн маанилүү куралы. А. — дайыма таптык мүнөздө. Коммунисттик А. өзүнүн жогорку идеалдуулугу, чынчылдыгы м-н айырмаланат: «...ачык, ойлонуштурулган, идеялуу мазмун болбосо,— деп көрсөткөн В. И. Ленин,— агитация курулай сөзгө айланып кетет» (Чыг., кырг. 1-бас., 34-т., 372—73-б.). КПСС А-ны эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялап, алардын саясий сезимин жогорулатуу үчүн, учурдагы окуялардын мазмунун көпчүлүккө кеңири түшүндүрүү, партия көйгөн милдеттерди орундатууга аларды мобилизация кылуу үчүн пайдаланат. А-да басма сөз, телевидение, сүрөт өнөрү (плакат, диаграмма, карикатура), кино, театрлар кеңири пайдаланылат. А. ишинде калктын билим, кесип, жаш жагынан өзгечелүү эске алынат. Саясий А. эл чарбасынын бардык тармактарын өнүктүрүүгө, эмгекчилердин турмуш деңгээлин жогорулатууга багытталган партия м-н өкмөттүн чечимдерин массага жеткирүүгө ж-а аларды жү-

зого ашырыш үчүн, эмгекчилердин күч-кубатын мобилизациялоодо партияның колундагы маанилүү курал болуп саналат.

АГИТБРИГАДА, агитколлектив, агиттеатр — СССРде профессионал же өз демилгелүү иштөөчү чакан театр коллективи. А-лар Окт. рев-ясынын жеңишинин алгачкы жылдарында Гражд. согуштун жоокерлерин маданий жактан тейлөө үчүн уюшулган. А. 20-ж-дардын акырынан тартып курулуштарда, мекемелерде, кийинчерээк студенттердин арасында массалык түрдө тарала баштаган. 1967-ж. Москвада мыкты А-лардын кароосу болгон. Кыргызстанда малчыларды маданий жактан тейлөөдө А-ның ролу чоң. А-ның репертуары лекция, доклад, драмалык, музыкалык, хореографиялык чыгармалардан куралат.

АГИТПУНКТ — саясий агартуу мекемеси. А-тар Жумушчу-дыйкан коргоо Советинин 1919-ж. 13-майдагы токтому м-н шаарларда ж-а т. ж. станцияларында массалык-саясий иштин борбору катары түзүлүп, эмгекчилерге Совет бийлигинин максатын, милдетин түшүндүрүү аркылуу аларды Компартиянын айланасына топтоо биротоло. 1937-ж. СССР Жогорку Советинин 1-шайлоосунан бери А. шайлоо кампаниясы мезгилинде саясий иштин чордону болуп калды.

АГИТФИЛЬМ — кино чыгармачылыгында күндөлүк турмуштун өтө маанилүү темаларын публицистикалык күрч мүнөздө берген кыска метраждуу фильм-плакат. А. СССРде Гражд. согуштун ж-а согуш интервенциясынын мезгилинде тараган. А. жаш Совет респ-касынын чарбачылык курулушунун, Кызыл Армиянын күрөшүндөгү маанилүү этаптарды чагылдырган. Учурдагы саясий актуалдуу маселелерди түшүндүрүүдө А. өзгөчө роль ойнойт. 1918—20-ж. 80 А. чыгарылган. Анын ичинен эң маанилүүлөрү: «Жакындашуу» (1918), «Кызыл майданда» (1920), «Орок жана балка» (1921) ж. б.

АГЛАБИЛЕР (800—909) — Ифрикиядагы араб эмирлеринин, *Халифаттын* вассалдарынын династиясы. Анын негиздөөчүсү — Ибрахим ибн аль-Аглаб (800—812). А. хариджизм (Хариджилер) туусу астында көтөрүлүшкө чыккан уруулардан, алар тарабынан түзүлгөн Тахерт (Ифрикиянын түш. бөлүгү) имамдыгына каршы күрөшкөн. А-дин административдик ж-а маданий борбору—Кайруан ш., Каср аль-Кадим А-дин эмирлеринин резиденциясы болгон. А. мамл-ти шиттердин соккусунан кийин (909-ж.) кыйраган.

АГЛОМЕРАТ (лат. agglomeratus — бириктирем, чогултам) **металлургияда** — майда күкүмдөрдөн күйдүрүлүп, прилештирилген кесек руда, к. *Агломерация*.

АГЛОМЕРАЦИЯ (лат. agglomeraге — бириктирүү, чогултуу) **металлургияда** — эритүү үчүн зарыл формага ж-а касиетке (хим. составына ж-а структурасына) келтирүү максатында бышырып бириктирүү жолу м-н майда материалдарды (руданы, металл аралаш руда концентраттарын) прилештирүүчү термиялык процесс. Жогорку темп-рада руданын сыртқы беттери бир аз жумшарып, бири бирине жабышып калат же беттеринде жеңил эрүүчү бирикмелер эрип, руда муздаганда, бөлүкчөлөрдү чапташтырат. Бышырып бириктирүү үчүн зарыл жылуулук А-лануучу материалга кошулган көмүртектүү отундун күйүүсүнөн же күкүрттүү руда концентраты А-ланганда, андагы сульфиддин кычкылданышынан болүнүп чыгат. Негизги баштапкы материалдары: майда порошок түрүндөгү руда ж-а анын концентраты, 3 *мм* го чейинки кокс ж-а антрацит күкүмдөрү, боксит. Алынуучу продукт — *агломерат*. Мунун 95% тен көбүрөөгү кара металлургияда пайдаланып, түстүү металлургияда агломерат алюм., никель ж-а коргошун өндүрүшүндө колдонулат. А. процессинде негизги жумушту (руданы башкарууну) А-лык машина аткарат. Бул машиналар үзгүлтүксүз ж-а мезгил-мезгили м-н иштөөчү болуп болүнөт. Үзгүлтүксүз жылып туруучу тасмалуу А-лык машина көбүрөөк колдонулат.

Ад.: Базилевич С. В., Вегман Е. Ф., Агломерация, М., 1967.

АГНАТТАР — төмөнкү омурткасыз жаныбарлардын тобу, к. *Жааксыздар*.

АГНОСТИЦИЗМ (гр. agnostos — таанып-билүүгө болбойт) — философиядагы идеалисттик багыт; ал объективдүү дүйнө м-н анын закондорун таанып-билүүгө болбойт деп эсептеп, абс. акыйкатты танат. «Агностик: биздин туюмдарыбыз чагылтып, сүрөттөп көрсөтүүчү объективдик реалдуулуктун бар экенин *билбейм*, муну билүү мүмкүн эмес деп жарыялайм — дейт» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 14-т., 136-б.). 18-к-да А-дн теориялык жактан англ. субъективдүү идеалист Юм, немец философ-идеалист Кант иштеп чыгышкан. А. түрдүү формада кездешет. Мис., Кант перселер объективдүү жашайт дегени м-н, аларды таанып-билүүгө болбойт десе, Юм перселердин объективдүү жашашын танып, биз алар ж-де чындыкка жакын эч нерсе биле албайбыз деген жыйынтыкка келет. А-дин материализмге түп-тамырынан бери карама-каршы экендигин Ф. Энгельс — «Людвиг Фейербах...», В. И. Ленин «Материализм ж-а эмпириокритицизм» деген эмгегинде катуу сынга алган.

Ад.: Маркс К., Фейербах жөнүндөгү тезистер, Маркс К. жана Энгельс Ф., Танд. чыг., кырг. бас., 2-т.; Энгельс Ф., Людвиг Фейербах жана классикалык немец философиясынын акыры, ошондо эле, 2-т ; Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Чыг., кырг. бас., 14-т.

АГОГИКА (гр. agogé—ээрчитүү, алып кетүү) — көркөм таасирдүүлүгүн арттыруу максатында музыкалык чыгарманын темпин, өлчөмүн бир аз өзгөртүп, жайыраак же ылдамыраак аткаруу.

АГОНИСТТЕР (гр. agonistikós — күрөшкө жөндөмдүү) — 4—5-к-дагы рим Африкасындагы демокр. христиандык секта. Кыштактын эмгекчи элинен түзүлгөн. А. үчүн а. ч-сындагы эрксиз жумуштан баш тартуу, социалдык теңсиздикке каршы нааразылык билдирүү, «чыныгы диндин» (өз дининин) душмандарына келишпестик м-н мамиле кылуу, такыбалыкты ж-а оор турмушка чыдамдуулукту үгүттөө мүнөздүү болгон. А. чиркөөнүн имараттарын бузуп, императордук бийликке кыралдуу каршылык көрсөтүшкөн, ортодоксалдык клириктерге, сүткорлорго каршы күрөшүшкөн. А. колондордун, кыштак кедейлеринин ж-а кулдардын Нумидиядагы ири көтөрүлүштөрүнө (340-жылга жакын ж-а 5-к-дын башындагы) башчылык кылган.

АГОНИЯ (гр. agonia — күрөш) — адам м-н айбанаттын үзүлөр алдындагы абалы. Белгилери: эс-учтан танат, дем алуу начарлайт, жүрөктүн кагышы кескин солгундайт, оң кубарып, тери, эрин көгөрөт. Өз маалында жардам көрсөтүлсө, адам м-н айбанаттын өмүрүн сактап калууга болот.

АГРАРДЫК КРИЗИС — ашык өндүрүүдөн айыл чарбада болуучу кризис. Капитализм тушунда кризис чарбанын бардык тармагына жайылат. А. к. өнөр жайында ж-а чарбанын башка тармактарында болуучу кризистер м-н тыгыз байланыштуу. Айыл чарбасы ө. ж. үчүн сырьёлук база болгондуктан, ө. ж. кризиси А. к-тин чыгышына зор таасир тийгизет. А. к. учурунда отпогон а. ч. продукциясы көбөйүп, ал жок кылынат. Натыйжада а. ч-дагы көп сандаган майда жеке менчик ээлери жумшаган каражаттарын кайтарып ала албай, жакырлануучу дуушар болот. А. к. өз кезегинде ө. ж-нын өнүгүшүнө тескери таасир көрсөтөт. Анткени А. к. убагында а. ч. машиналарын, минералдуу жер семирткичтерди керектөө азаят. Бул болсо мындай товарларды чыгаруучу ө. ж. тармактарынын өнүгүшүнүн басандашына алып келет. А. к. башка кризистерден аздыр-көптүр айырмаланат. Айырмасы — узакка созулат. Мис., капит. өлкөлөрдө биринчи А. к. 19-к-дын 70-жылдарында башталып, 90-жылдардын экинчи жарымына дейре созулган. Андан кийинки А. к. 1920-ж. башталып, экинчи дүйнөлүк согушка чейин уланган. А. к-тин дагы бир бөтөнчөлүгү: ал узак мөөнөттөн кийин кайталанышы мүмкүн. Бул өзгөчөлүктөр түрдүү капит. монополиялардын өкүм сүрүшү м-н түшүндүрүлөт. Мындай монополиялар а. ч-да жаңы капиталисттердин пайда болушуна чоң тоскоол кылат. Капит. а. ч-ның дагы бир өзгөчөлүгү — анын ө. ж-дан артта калышы. Капитализм коомунда а. ч-да при чарба м-н катар азыркы техниканы пайдалана албаган көп майда фермерлер, жеке меншик ээлери да кездешет. Алар А. к. убагында аянч тартканына карабастан а. ч. продукциясын чыгарууну көбөйтүүгө умтулат. Бирок алар продукциясы өтпөй, жакырлана баштайт да, А. к. өөрчүй берет. А. к-тин негизги себептери капитализмдин антагонисттик карама-каршылыктары м-н аныкталат. Ошондуктан кризис капитализм коому м-н кошо жок болот.

АГРАРДЫК МАСЕЛЕ — капитализмдин айыл чарбада өнүгүү закондору, таптардын өртосундагы мамилелер м-н тап күрөшү ж-дөгү, о. эле а. ч-сындагы капитализмге чейинки өндүрүш мамилелерин жоюу жолдору ж-а методдору ж-дөгү маселе. А. маселени чечүү—бурж.-демокр. рев-яның негизги милдеттеринин бири. А. ч-сында капит. өндүрүш мамилелеринин өнүгүшү дыйкандарды жерсиз калтырат да, жер үчүн күрөш күч алат. Дыйкандардын жерин тартып алып, аларды өндүрүш каражаттарынан ажыратып, жерди капиталисттер өз колунда топтошу ж-а дыйкандардын пролетариатка айланышы а. ч-сында капитализмдин пайда болушуна ж-а өсүшүнө шарт түзөт. Ар кандай социалдык шарт а. ч-да капитализм прусснялык ж-а амер. жол м-н өнүгөөрүн аныктады. Ал прусснялык жол м-н өнүксө, помещик чарбасы акырындап бурж. чарбага айланат, амер. жол аркылуу оссо, помещиктик жер ээлөө болбойт. Революцияга чейинки Россияда а. ч-да капитализм ушул эки жол м-н өөрчүйт: «прусснялык» жол Россияның негизги дыйканчылык аймагына, «америкалык» жол 1861-жылдагы реформадан кийин эркин дыйкандар отурукташкан чет жакасына мүнөздүү келет. Бурж.-демокр. рев-яны даярдоо мезгилинде большевиктер партиясынын агрардык программасы феод. калдыктарды жок кылып, бардык жерди дыйкандарга алып берүүгө багытталган. 1905—07-жылдагы рев-яның негизги милдети А. маселе эле. Ал маселе б-ча дыйкандардын талабына ылайыктуу бирден бир туура программаны В. И. Ленин иштеп чыгат. Анда помещиктердин жерин конфискациялоо ж-а аны өлкө б-ча мамлекеттештирүү белгиленет. А. маселе соц. революция аркылуу толук чечилип, ишке ашырылат. Ал при жер ээлөөнү жоюп, жерди дыйкандарга берүү м-н эле чектелбестен, майда товардык өндүрүштү при соц. а. ч. өндүрүшүнө айлантууга шарт түзөт. Улуу Окт. соц. рев-яның жеңиши гана Россияда А. маселени чечти. 1917-ж. 26-октябрдагы (8-нояб.) Жер ж-дөгү декреттин негизинде помещиктердин жери бут конфискацияланып, жалпы элдик менчикке айланды. Башка О. Азия респ-калары м-н Казакстандагыдай эле революциядан мурда Кыргызстанда да капитализмге чейинки социалдык-экон. мамилелер сакталып, негизги социалдык күчтү дыйкандар түзгөн. Ошондуктан бизде А. маселени чечүүдө биринчи кезектеги экон. ж-а социалдык-саясий милдет агрардык реформаны жүргүзүү, феодал-помещиктердин, бай-манаптардын жер менчигин жок кылуу болду. Өлкөдө жаңырт коллективдештирүүнү жүргүзүү алардын калдык элементтеринин экон. таасирине сокку урду. Өнүккөн, өнүгүп келе жаткан капит. өлкөлөргө коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын азыркы мезгилдеги негизги милдеттеринин бири А. маселени чечүү болуп саналат.

«АГРАРДЫК МАСЕЛЕ ЖАНА „МАРКСТЫ СЫНГА АЛУУЧУЛАР"» — В. И. Ленициин агрардык маселе ж-дөгү эмгеги; 1901-ж. июнь—сентябрда (1—9-гл.), 1907-ж. күзүндө (10—12-гл.) жазылган. Бул чыгарма СССРде ж-а чет өлкөлөрдө бир канча тилге которулган. Марксчыл агрардык теориянын эң маанилүү маселелерине, жумушчу партиясынын дыйкандар туурасындагы тактикасы м-н программасын иштеп чыгууга арналган. Ленин бул чыгармасында «Россияда капитализмдин өнүгүшү», «Айыл чарбасындагы капитализм» аттуу эмгектеринде изилдөөнү улантып, агрардык түзүлүш туурасындагы маркстик теориянын жакгайт ж-а өнүктүрөт. Марксты сындоочулар Ф. О. Герц, Э. Давид, М. Гех, С. Н. Булгаков, В. М. Чернов ж. б. капитализмдин экон. закондору анын а. ч-ның өнүгүшүнө таасир тийгизе тургандыгын танып, аларды жаратылыштын «түбөлүк», «табигый» закондору м-н алмаштырууга, капитализм тушундагы жакырчылыкты, а. ч. азык-түлүгүнүн каатчылыгын ж-а кымбатташын жердин улам арыкташы м-н түшүндүрүүгө аракет кылат. В. И. Ленин мындай аныктамалар илимий жактан негизсиз экендигин далилдеп, аларды төгүнгө чыгарат. Ал статистика материалдарын терең талдоо аркылуу майда дыйкан чарбасы ж-дөгү «туруктуулук теориясын» жеткире сындап, марксчык агрардык теориянын өнүгүшүнө зор салым кошот.

Ад.: Ленин В. И., Агрардык маселе жана «Марксты сынга алуучулар», Чыг., кырг. 1-бас., 5-т.

АГРАРДЫК ӨНӨР ЖАЙ БИРИКМЕЛЕРИ — технологиясы, уюштурулушу, аймагы жагынан биргелеп ө. ж. ж-а а. ч. ишканаларынын комплекси. Булар негизинен а. ч. сырьёсунан ө. ж. продукциясын чыгарат. Мындай бирикмелер а. ч. өндүрүшү м-н ө. ж. ишканаларынын байланышын чыңдап, продукция чыгарууну көбөйтүүгө көмөк берет да, ага жетекчилик кылууну жакшыртууга, өндүрүштү бир жерге топтоого, анын патыйжалуулугун арттырууга, эмгек ресурстарын рационалдуу пайдалануу жол ачат. Сов. айыл-кыштактагы өндүрүштү уюштуруунун мындай жаңы формасы — А. ө. ж. б. азыр пйгиликтүү өнүгүп, ө. ж. ишканаларына типтеш ар кыл ишканалар түзүлүүдө. Алардын айрымдары колхоздордун составында иштесе, айрымдары өз алдынча мамл. ишкана болуп эсептелет. Отонду м-н катар мамлекет катышуучу ортоктош бирикмелер да бар.

АГРАРДЫК РЕФОРМАЛАР — жер ээлөө ж-а пайдалануу системасынын өзгөртүлүшү. А. р. Бат. Европанын бир катар өлкөлөрүндө бурж. рев-я убагында (17—19-к.) ишке ашырылып, эзүүчү таптын пайдасына чечилген [мис., Прусснядагы реформа (1807—11); Россиядагы дыйкандар реформасы (1861) ж-а столыпиндик А. р. (1906—16)]. 1917-ж. 26-октябрда (8-нояб.) Советтердин Бүткүл росс. 2-съезди кабыл алган жер тууралуу декретте помещиктик жер менчиги жоюлуп, жер жалпы элдик менчикке айланды. Кыргызстандагы жер-суу реформасы 1921-ж. башталып, 1928-ж. аяктады. Европанын соц. өлкөлөрүндө А. р. 1944—48-ж-да жүргүзүлүп, жумушчу табынын жетекчилиги м-н жердин бир бөлүгү мамлекеттештирилди, помещиктердин жерлери ж. б. өндүрүш куралдары, каражаттары конфискацияланып, эмгекчи дыйкандардын энчисине өттү. Колониялык эзүүдөн кутулган өлкөлөрдө да А. р. ишке ашырылууда.

АГРАРДЫК СОЦИАЛИЗМ КЫЙМЫЛЫ — Венгриядагы а. ч. пролетариатының 1891—94-ж. ж-а 1897—99-ж-дардагы рев-чыл чыгуулары. Ал тарыхый адабияттарда ушундай аталып калган. А. с. к-на Венгриядагы кедей-дыйкандардын турмуш абалынын начарлашы себеп болуп, анын андан ары өнүгүшүнө жумушчу кыймылынын жогорулашы, Венгр. с.-д. партиясына (1890-ж. негизделген) кошулган жумушчу кружоктору таасир эткен. А. ч. пролетариатынын бул чыгуулары жандармдар ж-а аскерлер м-н кагышууга дуушар болгон. 1897-ж. кайра башталган при стачкалардын убагында бир катар жерлерде помещиктердин жерлери тартылып алынган. Бул этапта А. с. к-на Венгриянын с.-д. партиясынын оппортун. лидерлеринен кол үзгөн И. Варкоьинин тобу башчылык кылган. Ал кыймылды өкмөттүн аскерлери ж-а жандармерия 1899-ж. баскан.

АГРАРДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМ — өндүрүчү күчтөрдүн өсүшүнө байланыштуу болгон өндүрүштүк мамилелерди, объективдүү экон. закондордун механизмдеринин а. ч-сындагы таасирин ж-а аның өзгөчө закон ченемдүүлүк м-н өсүшүн изилдөөчү, а. ч-сының план ченемине пропорциялуу өсүшү үчүн илимий негиз иштеп чыгаруучу илим. Бул коммунисттик өндүрүш мамилелерине ж-а а. ч-сының материалдык-тех. базасын түзүүгө байланыштуу эң маанилүү проблемаларды чечүү, планддаштыруу методдорун мындан ары өркүндөтүү б-ча жаңы илимий сунуштарды иштеп чыгуу, товар-акча мамилелерин туура пайдалануу, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу ж-а өндүрүчү күчтөрдү рационалдуу жайгаштыруу иштерин кучагына алат.

АГРЕГАТ (лат. aggrego — бириктирем) — унификацияланып ирилештирилген машиналардын түйүнү. Бул түйүндөр айрым функцияларды өз алдынча аткара ж-а бири бирин толук алмаштыра алат. Мис., электр кыймылдаткычтары, редукторлор, насостор А. болуп эсептелет. Айрым А-тар 2 же андан көп машиналардан турат.

АГРЕГАТТАШТЫРУУ — бирдей ж-а өз ара алмаштырыла турган агрегаттардан машиналарды же алардын комплексин түзүү методу. А. машиналарды иштеп чыгарууну рационалдуу жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Мис., ар кандай максатта колдонулуучу жүк ташуучу автомобилдерди түзүүдө бардык машиналар үчүн бирдей болгон айрым түйүндөрдү (кыймылдаткыч, кыймыл өткөрүү кутусу, алдыңкы көпүрө ж. б.) бөлүп алып, агрегат түзүүгө болот. А. машиналарды ремонттоону тездетип, пайдаланууну жакшыртат.

АГРЕГАТТУУ УНИФИКАЦИЯЛАНГАН СИСТЕМА — чыгыш ж-а кириш параметрлери унификацияланган өзүнчө блоктордон туруучу автоматика каражаттарынын пневматикалык системасы. Ө. ж-да кеңири колдонулуучу системаларды агрегаттап түзүүнүн принциби төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр м-н мүнөздөлөт: станоктун же прибордун конструкциясы бири бирине көз карандысыз ар бири белгилүү ишти аткаруучу бир нече блоктордон турат; блоктор агрегат кылып бириктирүүгө мүмкүн болгондой тандалып алынат; блокторду айкалыштырып бириктирүү м-н ар түрдүү максатта колдонулуучу түзүлүштөрдү алууга болот. Азыр электрдик, пневматикалык, гидравликалык А. у. с. түзүлүп жатат. Блоктордун биргелешип иштешин камсыз кылуу үчүн, түзүлүштөрдүн системасында энергиянын бир түрүн 2-түргө айландыруучу өзгөрткүчтөр орнотулат. Кеңири таралган пневматикалык А. у. с. өлчөөчү, жөндөөчү, кошуучу, логикалык операцияларды аткаруучу, квадратка көтөрүүчү ж-а квадрат тамыр чыгаруучу, текшерүүчү ж. б. блоктордон турат. Унификацияланган кириш ж-а чыгыш параметрлери катарында кысылган абанын 0,02—0,1 $Мн/м^2$ (0,2—1 $кг\ күч/см^2$) басымы кабыл алынган. А. у. с-нын блоктору ж-а приборлору өрттөн ж-а жарылуудан коопсуз, пайдаланууда ишенимдүү, тейлөөгө оңой келет. А. у. с. химия, нефть өндүрүү ж-а иштетүү, жылуулук, энергетика, газ, тамак-аш ө. ж. тармактарында өндүрүш процесстерин автоматташтыруу үчүн колдонулат.

Ад.: Березовец Г. Т., Малый А. Л., Наджафов Э. М., Приборы пневматической агрегатной унифицированной системы и их использование для автоматизации производственных процессов, 3 изд., М., 1965; Прусенко В. С., Пневматические регуляторы, М.—Л., 1966.

АГРЕГАТТЫК СТАНОК — стандартташтырылган, бирок бири бири м-н кинематикалык байланышпаган түйүндөрдөн (агрегаттардан) түзүлгөн атайын металл кесүүчү станок. А. с-тун күч берүүчү түйүндөрүнүн өзүнчө кыймыл бергичи болот да, алар башкаруучу бир система м-н иштетилет. Иштетилүүчү тетик жылбастан, кесүүчү аспаптын өзү жыла тургандай болуп мех. иштетүүдө А. с. кеңири колдонулат. Мында тетикти бир эле убакытта көп аспаптар м-н ар тараптан иштетүүгө болот. А. с. м-н бир же бир нече тетикти бир убакытта иштетүүгө боло тургандыктан, алар негизинен массалык өндүрүштөрдө пайдаланылат. 1-жолу СССРде А. с-ту долбоорлоо ж-а жасап чыгаруу 30-ж-дардын орто ченинде Металл кесүүчү станоктордун эксперименттик ил. из. ин-тунда (ЭНИМС) башталган. СССРдин з-ддорунда 20 миңге жакын А. с. иштейт.

АГРЕССИЯ (лат. aggressio — кол салуу) — азыркы эл аралык укуктук түшүнүк; бир мамлекеттин (улуттун) терр-ялык бүтүндүгүнө же саясий көз каранды эместигине экинчи мамлекеттин күч колдонуусу. А.— импер. мамл-тердин тышкы саясатынын негизи. 1918—22-ж. жаш Совет Респ-касына каршы импер. мамл-тердин интервенциясы, 1939—40-ж. гитлердик Германиянын Европа мамл-терине, 1941-ж. СССРге кол салышы. 1967-ж. араб мамл-терине каршы Израилдин согушу ж. б-лар А. болуп саналат. Азыркы эл аралык практикада куралдын күчү м-н кол салуудан тышкары кыйыр түрдөгү А., экон. А., идеологиялык А. деген түшүнүктөр да кездешет. Сов. Союзунун ООНдогу делегациясы бул агрессивдүү көрүнүштөрдү дайыма ашкерелеп, аларды жоюу б-ча бир канча жолу конкреттүү сунуштар киргизди. 1933-ж. сов. делегация куралсыздандыруу б-ча Женева конференциясында А-ны актоого эч бир жол бербөө үчүн, кол салган жакты аныктоо ж-дө декларация кабыл алууну сунуш кылды. 1950-ж. Совет өкмөтү ООНго А-нын аныктамасын белгилөө ж-дө кайрадан сунуш киргизди. ООНдун Ген. Ассамблеясынын 7-сессиясы (1952) бул ж-дө 15 мамлекеттин өкүлүнөн атайын даярдык көрүү комитетин түздү. Бул комитет А-нын аныктамасын Совет өкмөтүнүн сунушунун негизинде формулировкалады. ООНдун Ген. Ассамблеясынын 9-сессиясы (1954) А. ж-дөгү бул формулировканы толук закондуу деп тапты. Ушул максат м-н ООНдун жаңыдан атайын комитети түзүлдү. Бул сунушту ООНго мүчө мамл-тер бир добуштан колдоп чыгышты.

АГРЕССИВДҮҮ СУУЛАР — бетон ж-а металл сыяктуу курулуш материалдарынын туруктуулугуна тескери таасирин тийгизүүчү жер астындагы суулар. Мындай суулардын составындагы туздардын хим. таасиринен бетондун сапаты начарлап, акырындык м-н бузулат. А. с. 0,2 *м* деп төмөнкү ар кандай тереңдикте болот. Алар жалпы кислоталуу, сульфаттуу, магнезиялуу ж-а көмүр к-талуу болуп бөлүнөт. Суунун агрессивдүүлүгү анын хим. составын атайын инструкциянын талаптарына салыштыруу м-н аныкталат. Жер бетинен кандайдыр бир тереңдикте жайгашуучу имараттардын фундаменттерин, гидротех. курулуштар м-н коммуникацияларды, суу түтүктөрүн ж. б-ды куруу ошол тереңдиктен учураган суунун агрессивдүүлүгүн аныктап, ага каршы алдын ала тийиштүү чараларды көрүү талап кылынат. Кыргызстанда, айрыкча Чүй, Талас ж-а Кочкор өрөөндөрүндө А. с. көп.

Ад.: Ананьев В. В., Коробкин В. И., Инженерная геология, М., 1973.

АГРО... (гр. agrós — талаа) — мааниси б-ча «агрономиялык» деген сөзгө туура келүүчү татаал сөздөрдүн составдык бөлүгү (мис., *агрохимия, агротехника, агрометеорология*).

АГРО ТОКОЙ МЕЛИОРАЦИЯСЫ — 1) мол ж-а туруктуу түшүм алууга кесепети тийчү табият кубулуштарына каршы токой өстүрүү чараларынын системасы. Ал а. ч-на залал келтирчү кургакчылык, керимсел уруу, шамал-суу эрозияларындай кырсык м-н күрөшүүдө зор мааниге ээ. Талаа коргоочу токой тилкелери А. т. м-нын негизи болот. Алар өз ара мындай бөлүнөт: дөңсөө ж-а жантайма жерлердеги талаа коргоо токой тилкеси; тик, эңкейиш жерге ж-а көл, суу жээктерине, кокту-колоттордун кырына тигилүүчү тилке; кум ж-а кумдак жерге тигилүүчү тилке; тоо бетинде, сыртта, ашууда ж-а жол жээгинде, жайытта ж. у. с. жерде кар м-н жаан-чачын суусун токтотуучу тилке. Ал агротех., гидротех. ж. б. чаралар м-н айкалыштырылып колдонулат. Россияда бул иш адеп 18-к-да башталган. Совет бийлигинин жылдарында буга өзгөчө көңүл бурулду, аны мамл. токой чарбасы ж-а совхоздор жүргүзөт. Мындай тилкелердин аянты 1972-ж. 3 млн. *га* дан ашып кетти. Кыргызстанда 3 миң *га* дан ашык. 2) Токой мелиорациясынын ыкмаларын уюштуруу формаларын ж-а теориялык негиздерин иштеп чыгуучу илимий тармак. Ал агрономия, ботаника, топурак таануу, геол., метеорол. токой ж. б. илимдери м-н тыгыз байланыштуу. А. т. м. маселелери «Лесное хозяйство», «Земледелие», «Кыргызстандын айыл чарбасы» журналдарында басылып турат.

АГРО ТОКОЙ МЕЛИОРАЦИЯСЫ БОЮНЧА БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ 1931-ж. Москвада ачылып, 1958-ж. Волгоград ш-на которулган. А. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн ж-а малдын азыктуулугун өйдөлөтүү максатында топурак эрозиясына, кургакчылыкка ж-а керимсел урууга каршы күрөшүү үчүн жөнөкөй гидротех. курулуш куруу ж-а токой мелиорация, агротех. чараларынын комплексин иштеп чыгат. СССРде агротокой мелиорациясы б-ча пл. из. ишин координациялайт. Бул институттун 7 илимий бөлүмү, 2 лабораториясы, 12 тажрыйба станциясы, 40 миң *га* жери, 9 тажрыйба чарбасы ж-а аспирантурасы бар.

АГРОБИОЛОГИЯ, к. *Айыл чарба биологиясы.*

АГРОКЛИМАТОЛОГИЯ (*агро...*, гр. klima — климат, lógos — илим), айыл чарба климатологиясы — а. ч. өндүрүшүнүн бир фактору катары климатты изилдөөчү илим; *климатологиянын* бөлүгү. Жер кыртышы ж-а анын асылдуулугу, суу ресурстары, өсүмдүктөр климатка жараша болот. Ошондуктан а. ч-сын адистештирүүдө климаттык шарт эске алынат. А-нын милдеттерине: климатка а. ч. жагынан баа берүү ж-а а. ч. өсүмдүктөрүн, малдын түрлөрүн рационалдуу жайгаштыруу максатында жерлерди агроклимат б-ча райондоштуруу; аба ырайынын катаал шарттарынан сактануу жолдорун иштеп чыгуу ж. б. кирет, к. *Айыл чарба метеорологиясы.*

Ад.: Бабушкин Л. Н., Агроклиматическое районирование хлопковой зоны Средней Азии, Л., 1960; Шашко Д. И., Агроклиматическое районирование СССР, М., 1967.

АГРОМЕТЕОРОЛОГИЯ, к. *Айыл чарба метеорологиясы.*

АГРОНОМ (агро... ж-а nomos — закон) — дыйканчылык б-ча жогорку билимдүү айыл чарба адиси. А. ч. өндүрүшүндө анын технол. көрсөтмөсү жетекчиликке алынат. А-ду Кыргызстанда айыл чарба институту даярдайт. А-дун теориялык билимин жогорулатуу максатында институттун алдында курстар уюштурулуп турат.

АГРОНОМИЯ (*агро...* ж-а гр. nomos— закон) — айыл чарба өндүрүшүнүн илимий негиздери, тармактары ж-дөгү билимдердин жыйындысы. А. ч. өндүрүшүнүн практикасы м-н теориясынын өнүгүшүнө байланыштуу А-дан а. ч. экономикасы ж-а өндүрүшүн уюштуруу, зоотехния ж. б. тармактар бөлүндү. А. өсүмдүк өстүрүүдөгү илимий жетишкендиктерден ж-а тажрыйба ыктарынын комплексинен (жалпы дыйканчылык, агрономия, агрофизика, өсүмдүк өстүрүү, селекция, үрөн өстүрүү, фитопатология, а. ч. энтомологиясы, а. ч. мелиорациясы ж. б.) турат. Илимий А. жалпы биология, өсүмдүктөр физиологиясы, топурак таануу, а. ч. метеорологиясы, генетика, микробиология, биохимия ж. б. табигый илимдерге негизделген. В. Р. Вильямс, Д. Н. Прянишников, В. В. Докучаев, П. А. Костычев, К. Д. Глинка, К. А. Тимирязев ж. б. окумуштуулар А. илимине чоң салым кошкон. О. эле И. В. Мичурин өсүмдүктөрдүн өнүгүү процесстерин башкарууну таануу, Н. И. Вавилов гомологиялык катарлар ж-а тукум куучулук закондорун аныктаган. Аларда өсүмдүктөрдү кыйыштыруу ж-а тандап алуу иштеринде жаңы формаларды табуу жолдору көрсөтүлгөн. Кийинчерээк П. Н. Константинов, П. И. Лисицин, П. П. Лукьяненко, Н. В. Цицин, В. С. Пустовойт сыяктуу көп окумуштуу селекционерлердин катышуусу ж-а жетекчилиги м-н а. ч. өсүмдүктөрүнүн жаңы сорттору чыгарылды. СССРде лениндик кооперативдик план иш жүзүнө ашырыла баштаган соң, А-нын жетишкендиктерин пайдалануу кеңири өрчүдү. Жаңы ил. из. мекемелери м-н окуу жайларынын уюштурулушу ж-а А-нын тармактарга бөлүнүшү бул илимдин өнүгүшүнө көмөкчү болду. 1929-ж. а. ч-сынын илимий борбору — ВАСХНИЛ ачылды. Мындан тышкары өсүмдүктөрдү зыянкечтер, илдеттерден сактоо мекемелери, мамл. үрөн инспекциялары ж. б. илимий-тажрыйба мекемелеринин тармактары уюштурулду. СССРде бир нече бүткүл союздук, тармактык-зоналык ил. из. ин-ттары, тажрыйба ж-а селекция станциялары, мамл. үрөн сыноо участоктору иштейт. Өлкөнүн жогорку окуу жайларында А. б-ча квалификациялуу адистер даярдалып чыгарылат. Кыргызстанда А. б-ча дыйканчылык ж-а топурак таануу ин-ттарында, ж. б-да илимий иштер жүргүзүлүүдө.

Ад.: Советов А. В., О системах земледелия, СПБ, 1867; Тимирязев К. А., Земледелие и физиология растений, Соч., т. 3, М., 1937; Прянишников Д. Н., Лекции по курсу «Введение в агрономию», Избр. соч., т. 3, М., 1965.

АГРОНОМИЯЛЫК РУДАЛАР — минералдык жер семирткичтер алууга керектелүүчү тоо тектер. А. р-га составында фосфор, калий, азоту бар айрым тоо тектер кирет. Фосфорлуу кендер апатит ж-а фосфорит деп аталат. Апатиттин ири кени Кола ж. а-нан (Хибин) табылган. Казакстанда (Кара-Тау), СССРдин Европа бөлүгүндө (Егорьевск, Вятка-Кама, Щигровск) фосфорит кендери бар. Калий туз кендери Пермь обл-да (Верхнекаменск), Белоруссияда (Старобинск), Карпатта (Стебниковск), Кара-Богаз көлүндө бар. Азот жер семирткичтери натрий м-н калий селитраларынан алынат. А. р-га о. эле карбонаттуу тоо тектер (бор, аки таш теги, доломит), серпентинит, сапропелит, бентонит, перлит, вермикулит ж-а чым көң кирет. Тоюткор катары мал жечү туздар, а. ч. зыянкечтерине каршы колдонулуучу мышьяк, барий, фтор, күкүрт да А. р. болот.

Ад.: Бок И. И., Агрономические руды, 2 изд., А.-А., 1965.

АГРОНОМИЯЛЫК ТЕЙЛӨӨ — дыйканчылыкты жакшыртуу б-ча а. ч-да жүргүзүлүүчү чаралардын системасы. А. т. Россияда 19-к-дын 2-жарымында пайда болгон. СССРде А. т. колхоздор м-н совхоздордогу дыйканчылык азык-түлүгүн көбөйтүүгө, эмгек чыгымын азайтууга багытталып, мамл. ж-а коомдук уюмдар тарабынан ишке ашырылат. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин агроучастоктордун саны көбөйүп, млн-догон дыйкандардын чарбаларын тейлей баштады. А. ч-сын коллективдештирүү А. т-нун шартын өзгөрттү. Ал а. ч. илимин гана пропагандалабастан, өндүрүштү жогорулатууга көмөкчү болду. 1934-ж. зоотехниялык тейлөө уюштурулуп, кийинчерээк агрономия дыйканчылыкты тейлөөгө өттү. А. т-нү а. ч. мекемелеринин агрономдору, о. эле мелиорация ж-а суу чарба адистери жүргүзөт. Республикада А. т. ишин а. ч. минвосу башкарат.

АГРОТЕХНИК — дыйканчылык ж-а өсүмдүк өстүрүү б-ча орто билимдүү айыл чарба адиси. А-терди атайын окуу жайлар—техникумдар даярдайт. Алар колхоздордо — бригадир, совхоздордо — бөлүм башчысы, агрохим. лабораторияда — лаборант, ил. из. мекемелеринде—техник ж. б. кызматтарда иштейт. А. агрономдордун көрсөтүүсү б-ча иш жүргүзөт. Кээ бир чарбаларда А. жогорку билимдүү адистердин милдетин да аткарат. Ошондуктан А-тердин билимин жогорулатуу максатында а. ч. ин-ттарынын алдында сырттан окуу бөлүмдөрү бар.

АГРОТЕХНИКА — дыйканчылык технологиясы, айыл чарба өсүмдүгүн өстүрүүдөгү ыкмалар системасы. А-нын милдети: алынуучу продукциянын бирдигине эмгекти ж-а каражатты аз чыгымдап, а. ч. өсүмдүгүнөн мол түшүм алуу. Бул маселе илимдин ж-а алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин а. ч. өндүрүшүнө киргизүү, дыйканчылыкты химиялаштыруу, өндүрүш процесстерин комплекстүү механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу жолу м-н чечилет. А. топуракты иштөө жолдору, жер семирткичтерди чачуу, үрөндү себүүгө же олтургузууга даярдоо, эгүү, өсүмдүктү багуу, өсүмдүк илдеттерине ж-а зыянкечтерине каршы күрөшүү, түшүм жыйноо, кар токтотуу, талаа тегиздөө, сугаруу ж. б. чаралардан турат. А-нын деңгээли коомдогу өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүү даражасына ж-а өндүрүш мамилелеринин мүнөзүнө жараша аныкталат. А. адегенде эң жөнөкөй курал-шайман м-н кол эмгегине негизделген. Россияда А-нын принциптери 19-к-дан баштап колдонулган, аларга топурактын асылдуулугу ж-дөгү илим негиз болгон. А. илимине окумуштуулар В. В. Докучаев м-н П. А. Костычев чоң салым кошкон. О. эле А-нын өнүгүшүндө К. А. Тимирязевдин эмгектеринин да зор мааниси бар. Илимий А-ны иштеп чыгууда М. Г. Павлов, А. В. Советов, И. А. Стебуд, Д. Н. Прянишников ж. б. орус окумуштуулары эмгек сиңирген. А-ны өнүктүрүү ишине айрым окуу жайлары, тажрыйба мекемелери ж-а алдыңкы чарбалар кеңири катышкан. Өлкөбүздө А-ны өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарт Окт. рев-ясынан кийин гана түзүлүп, А. табият таануунун, агрономиянын ж-а тех. илимдин жаңы жетишкендиктерине негизделген. Өсүмдүк физиологиясы б-ча ийгиликтер А-нын эски ыкмаларын өркүндөтүүгө ж-а жаңы ыкмалардын пайда болушуна алып келди. А. ч. өсүмдүгүнөн мол түшүм

алуу үчүн анын өсүшүнө керектүү бардык факторлор болууга тийиш. Бул үчүн агротех. комплекстн, б. а. агротех. ыкмалар системасын колдонуу керек. А. райондун, ар бир чарбанын топурак-климат өзгөчөлүктөрүнө жараша жүргүзүлөт. А-лык ыкмалар комплексинин эффективдүү болушуна которуштуруп айдоону туура жүргүзгөндө гана жетишүүгө мүмкүн. Которуштуруп айдоо А. м-н айкалыштырылып жүргүзүлсө, мол түшүм алынып, эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулайт, а. ч. продукциясынын бирдигинин чыгымы азаят.

Ад.: Докучаев В. В., Наши степи прежде и теперь, М., 1954; Тимирязев К. А., Земледелие и физиология растений, Избр. соч., т. 1, М., 1957; Прянишников Д. Н., Жерди семиртүү жана которуштуруп айдоо жөнүндө, Фр., 1973.

АГРОФИЗИКА, агрономиялык физика — өсүмдүктүн өсүшүндөгү физиол. процесстерди ж-а анын тышкы жашоо шартын изилдөө методдору ж-дөгү илим. А. топурактагы, аба катмарындагы физ. шартты жөнгө салуу ыктарын иликтейт. А-га топурак физикасы, жерге чектеш аба катмарынын физикасы, өсүмдүк биофизикасы ж-а өсүмдүктөрдүн тышкы жашоо шартын жөнгө салуучу каражат м-н ыктар кирет. А. илими 20-кда өнүгө баштаган. А-нын өнүгүшүнө Д. Н. Прянишников, А. Г. Дояренко, И. А. Качинский, А. А. Роде, С. И. Долгов, С. Н. Рыжов, Б. В. Дерягин, Э. Рассел (Англ.), В. Шоу (АКШ) ж. б. окумуштуулар чоң салым киргизген. СССРде А. илимине А. Ф. Иоффе негиз салган. А-да тышкы чөйрөдөгү шартты баалоо ж-а физиол. процесстерди изилдөө үчүн так аспаптар колдонулуп, вегетациялык ж-а тажрыйба методдору пайдаланылат. А. жагынан ил. из. В. В. Докучаев атн. топурак таануу ин-тунда, ун-тердин ж-а а. чарба ин-ттарынын топурак таануу кафедраларында, Агрофизика ил. из. ин-ттарында, ал эми Кыргызстанда топурак таануу ил. из. ин-тунда жүргүзүлөт. А. маселелери топурак таануу адистерinин эл аралык конгресстеринде талкууланып турат.

АГРОФИТОЦЕНОЗДОР, агроценоз (гр. *агро...* ж-а phýton — өсүмдүк, koinós—жалпы) — айдалма же аздыр-көптүр адамдын тааспри тийген өсүмдүктөр коомдоштугу. А. төмөндөгүдөй болуңот: адамдын колу м-н жасалган А.— интенсивдүү пайдалануунун натыйжасында түрү өзгөрүлгөн табигый өсүмдүктөр коомдоштугунун сапаты жакшыртылганы (пландуу түрдө пайдаланылган токойлор, шалбаалар); жарым-жартылай кол м-н өстүрүлгөн А.— өсүүсү пландуу түрдө жөнгө салынып турбаган өсүмдүктөрдүн жасалма коомдоштугу (эгилме токой аянттары, себилме көп жылдык шалбаалар); айдалма А.— өсүп-өнүгүүсү адам тарабынан жөнгө салына турган өсүмдүктөрдүн коомдоштугу (бак-даraктар, плантациялар, айдоолор); интенсивдүү эмне А.— кыртыш чөйрөсү гана эмес, кээде суу, аба чөйрөсү да түзүлүп, өнүп-өсүүсү дайыма жөнгө салынып туруучу өсүмдүктөр коомдоштугу (теплица өсүмдүктөрү, *аэропоника, гидропоника).*

АГРОХИМИК — дыйканчылыкта агрономиялык химиянын жоболорун колдонуп, а. ч-сын химиялаштыруунун жүзөгө ашыруучу жогорку билимдүү адис. А. негизинен талаачылык иштеринде, өсүмдүк өстүрүүдө, багбанчылыкта ж. б. тармактарда, аларга керектүү азык зат запастарын лаборат. шартта аныктоо м-н ал заттардын топурак м-н өсүмдүктүн ортосундагы өз ара катышын изилдөө жүргүзүү аркасында жер семиртүү б-ча агрохим. чараларын иштеп чыгат.

АГРОХИМИЯ, агрономиялык химия — топуракта, өсүмдүктөрдө болуучу химиялык, биохимиялык процесстерди, жер семиртkичтерди ж-а химиялык каражаттарды колдонуу ыктарын изилдөөчү илим. А-нын негизги максаты — жердин азыктуулугун жогорулатып, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмүн көбөйтүү. А. а. ч-сын химияланштыруунун илимий негизин түзөт. Ал топурак таануу, дыйканчылык, метеорология, өсүмдүк физиологиясы ж-а биохимиясы, микробиол., физ., химия илимдери м-н тыгыз байланышта өнүгүп өөрчүйт. Өсүмдүктүн азыктанышы, топурак м-н өсүмдүктөрдүн өз ара байланышы, жер семиртkичтеринин эффективдүүлүгү, топуракты мелиорациялоо, отоо чөпкө каршы күрөшүүнүн хим. жолдорун изилдөө ж-а колдонуу иштери анын маанилүү бөлүктөрү болот. Россияда А. б-ча алгачкы илимий ойлордун туулушу М. В. Ломоносовдун ысмы м-н тыгыз байланыштуу. 1825-ж. Москва ун-тинин проф. М. Г. Павлов орус тилинде биринчи А-лык колдонмону чыгарат. 19-к-дын 60-к-дары А. Н. Энгельгарттын изилдөө иштери башталып, ал Петербург дыйканчылык ин-тунда А. лабораториясын уюштурат. Ал изилдөөлөрдүн негизинде фосфориттерди жер семиртkич катары пайдалануу керек деген сунуш киргизет. Д. И. Менделеевдин А. б-ча жасаган иштемдүүлүгү да ошол убакытка туура келет. Анын жетекчилиги алдында жер семиртkичтер б-ча тажрыйба өткөрүлөт. Россияда А. илиминин өнүгүшүнө К. А. Тимирязев, Д. Н. Прянишников, К. К. Гедройц, П. С. Коғович, А. Г. Дояренко чоң салым киргизишкен. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин А. б-ча ири ил. из. борборлору м-н тажрыйба станциялары уюштурулуп, а. ч. ин-ттарында атайын кафедралар ачылат. 1919-ж. Жер семиртkичтер б-ча ил. из. ин-ту түзүлөт. 1923-ж. ошол ин-ттун алдында Долгопрудный тажрыйба талаасы уюштурулат (азыр Д. Н. Прянишников атн. агрономия б-ча Долгопрудный тажрыйба станциясы). Ал жерде ар түрлүү жер семиртkич, гербицид м-н көп жылдык тажрыйба ж-а изилдөөлөр жүргүзүлөт. 1931-ж. Жер семиртkичтер ж-а агрономиялык топурак таануу б-ча бүткүл союздук ин-т негизделип, 1944-ж. В. В. Докучаев атн. топурак таануу ин-тунда А. лабораториясы ачылат. 1963—65-ж. В. В. Докучаев атн. топурак таануу ин-тунда СССРдин топурак-агрохим. картасы түзүлгөн. Ал карта б-ча СССРдин аймагы 7 топурак-агрохим. зонага, ал эми ар бир зона минералдык жер семиртkичтердин эффективдүүлүгүнө карата өз ара бир нече районго бөлүнгөн. 1964-ж. СССРде а. ч-сын химиялаштыруу маселелери б-ча А-лык кызмат тармактары уюштурулган. А-лык ил. из. иштери борб. ж-а зоналык ил. из. ин-ттарында, зоналык тажрыйба станцияларында, а. ч. ин-ттары м-н ун-ттердин биол. ф-теттеринин кафедраларында, о. эле Кыргызстан дыйканчылык ж-а топурак таануу ин-ттарында жүргүзүлөт. Илимий А-лык сунуштар топуракты азыктуулугун жогорулатып, өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Жер семиртkичтерди колдонуу ж-а а. ч-сын химиялаштыруу маселелери б-ча атайын колдонмолор чыгарылат.

Ад.: Соколов А. В., Очерки из истории агрономической химии в СССР, М., 1958; Прянишников Д. Н., Избр. соч. т. 1, М., 1963.

«АГРОХИМИЯ» — СССР ИАнын ж-а СССР айыл чарба мин-восунун илимий журналы. 1964-ж. Москвада уюштурулган. Журналда а. ч-сын химиялаштыруу маселелери толук баяндалып, агрохимия, өсүмдүктүн азыктанышы, жер семиртkичтерди ж-а гербициддерди колдонуу б-ча илимий, методикалык макалалар басылат. Журнал ай сайын чыгат.

АГРОХИМИЯЛЫК АНАЛИЗ — лабораториялык шартта өсүмдүктүн, топурактын, семиртkич м-н пестициддердин хим. составын талдоо. А. а. м-н өсүмдүктүн составындагы азот, фосфор, калий, магний, күкүрт, темир, бор, марганец, жез, молибден, цинк, кобальт сыяктуу макро ж-а микроэлементтер, продуктулардын составындагы орг. бирикмелер (белок, май, углевод, витамин, аминокислота ж. б.) аныкталат. Кант кызылчасында — анын каптуулугу, картошкада — анын крахмалдуулугу, буудайда белок заттарынын үлүшү, пестициддердеги уулуруучу хим. бирикмелердин проценти анализденет. А. а-де түрдүү агрохим. метод, кийинчерээк спектрофотометрия, жалындуу фотометрия, радиоактивдүү изотоп ж. б. кеңири колдонулууда.

АГРОХИМИЯЛЫК КАРТОГРАММА — топурактын составындагы азык заттардын ж-а химиялык кээ бир бирикмелердин сан өлчөмүн көрсөтүүчү агрономиялык колдонмо. А. к. негизинен чарбадагы айдоо жердин азык заттар м-н камсыз болушун эске алып, минералдык ж-а орг. жер семиртkичтерди белүштүрүү, аларды эффективдүү колдонуу максатын көздейт. СССРде топурактын кычкылдуулугун, чириндилүүлүгүн, азот, фосфор, калий ж-а микроэлементтердин өлчөмүн көрсөтүүчү картограммалар түзүлөт. А. к-ны түзүүдө чоң масштабдуу карта м-н топурак картограммасы пайдаланылат. Кыргызстанда түзүлүүчү А. к-ның масштабы: 1 : 10 000. А. к. ар бир 4—5 жылда жаңыртылат. А. к-ны Чүй, Ысык-Көл, Нарын ж-а Ош агрохим. лабораториялары түзөт.

АГРОХИМИЯЛЫК КЫЗМАТ — айыл чарбасындагы агрохимиялык иштерди уюштуруу. А. к-тын негизги маселелери: минералдык жер семиртkичтерди, хим. каражаттарды эффективдүү колдонуу, топурактын агрохим. картасын түзүү, топуракты, жер семиртkичтерди, тоютkорду анализден өткөрүү, агрохимия билимин кеңири жайылтуу ж. б. Кыргызстанда А. к. зоналык агрохим. лабораториялар аркылуу жүргүзүлөт, ага Кыргызстан дыйканчылык, топурак таануу ил. из. ин-ттары катышат. А. к-ка Кырг. ССРинин а. ч. мин-восу жетекчилик кылат.

АГРОХИМИЯЛЫК ЛАБОРАТОРИЯ — 1) агрохимия б-ча окууга же анализ жүргүзүүгө ылайыкталып жабдылган жай; 2) агрохимия б-ча атайын изилдөө иштерин жүргүзүүчү мекеме же мекеменин өзүнчө бөлүмү. СССРде А. л. вуздарда, ил. из. мекемелеринде ж-а өндүрүштө уюштурулуп, зоналар б-ча түзүлөт. Колхоз-совхоздорду агрохим. жактан зоналык А. л. тейлейт. СССРде 200дөй лаборатория болсо, Кыргызстанда зоналык 4 лаборатория иштейт. А. л. топурактын, жер семиртkичтердин, өсүмдүктөрдүн, тоюттун көптөгөн хим. анализдерин өткөрөт; анализдердин негизинде чарбалар б-ча агрохим. картограммаларды түзөт; жер семиртkичтерди колдонуу б-ча тажрыйба жүргүзөт; карталар, тажрыйба иштеринин натыйжалары өндүү маалыматтарды пайдаланып, чарбалардын жер семиртkичтерди керектөөсүн аныктайт. О. эле өз зоналарында дыйканчылыкты ж-а мал чарбачылыгын химиялаштыруу б-ча илим м-н алдыңкы тажрыйбаны жетишкендиктерин пропагандалап, өндүрүшкө кеңири жайылтат.

АГЫМ АПКАЛЫШЫ — берилген контурга илинишкен магнит талаасынын толук агымы. А. а. агымдын интегралдык аныкталышы м-н бирдей: $\Phi = \int Bds = \Psi$, мында Φ — магнит агымы, B — магнит индукциясынын вектору, S — А. а. аныктала турган контурду чектөөчү бет. Бул формуланы бир контур түзүүчү көп оромдуу түрмөккө колдонгондо, оромдон турган түрмөктөгү магнит талаасынын жалпы агымы же А. а. $\Psi = \Phi_1 + \Phi_2 + \Phi_3 + ... + \Phi_w = \sum_{\kappa=1}^{\kappa=w} \Phi_\kappa$ барабар.

Магниттик өлчөөлөрдүн практикасында А. а. бирдиктердин МКСА же СИ системасы б-ча аныкталат: $\Psi = (\mu_0/l) \int_v H_l dv$ мында H_l — магнит талаасынын чыңалышы, $v/1 — dv$ — элементтеги магниттелиш, i — контурдагы ток, $\mu_0 = 4\pi \cdot 10^{-7}$ *гн/м.*

АДАБИЙ КААРМАН — көркөм чыгармада жекече каспеттери, сапаттары м-н сүрөттөлгөн адамдын образы. Жазуучу озу сүрөттөп жаткан доордун мүнөздүү жагын, андагы түрдүү карама-каршылыктарды, байланыштарды адамдардын мүнөздөрү аркылуу сүрөттөйт. Мүнөз өзүнүн бүткүл таалдыгы, өз чөйрөсү, өз мезгили, өз доору үчүн көкустук эмес, типтүү болушу А. к-дын образынын мазмунун түзөт. Мазмуну б-ча А. к. оң ж-а терс болуп белүнөт. Чыгармада өз мезгилинин прогрессивдүү алдыңкы адамдарынын элесин берген образдарды — оң, ал эми турмуштагы реакциячыл артта калган көрүнүштөрдү камтыган образдарды терс каарман дейбиз. Мис., Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романындагы Улуу Ата Мек. согуштун оор жылдарында душманга каршы күрөштө кайраттуулукту, патриоттукту көрсөткөн Чаргын — оң каарман, ал эми өз жанын калкалап согуштан качып, тылдагы элдин ыңтымагын бузуп жүргөн Чегиртке — терс каарман.

АДАБИЙ МИСТИФИКАЦИЯ — айрым чыгарманын же чыгармалардын авторлугун реалдуу жашаган же ойдон чыгарылган жазуучуга жамоо. Дарексиз жазуучуга байланыштуу жалган кеп-создун таратылышы да, автору бар чыгарманы элдики деп жарыялоо да мистификация болот. Илгертен эле жазуучулар кээ бир чыгармаларын жашап өткөн же ойдон табылган кишилердин атынан чыгарып келген. 19-к-да орус жазуучуларынын тобу Козьма Прутков деген жазуучуну ойлоп чыгарып, анын портретин жасатып, өмүр баянын жазып, анын атынан күлкүлүү ырлар ж-а афоризмдер жыйнагын бастырган. Ад. м. адабий күрөштүн бир формасы катары колдонулган, ал аркылуу карама-каршы топтор бири биринин чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн ж-а кемчиликтерин шылдыңдашкан. Ад. м. илгери цензуранын көзүн боёмолоо үчүн да пайдаланылган.

АДАБИЙ МУЗЕЙЛЕР — жалпы бир улуттук же өлкөлүк адабияттын тарыхына, о эле көрүнүктүү жазуучулардын өмүрүнө, чыгармачылыгына байланыштуу документтер, кол жазмалар, түрлүү эскермелер жыйналып сакталуучу маданий жай. Сов. Союзунда көптөгөн А. музей бар. Сов. бийлигинин алгачкы жылдарында музейлерди кайра куруу ж-де В. И. Ленин айрыкча камкордук көрүп, партиянын атайын токтомдору кабыл алынган. Ошого ылайык Л. Н. Толстойдун Москвадагы, Ясная Полянадагы үйлөрү, А. С. Пушкиндин Псков обл-дагы чарбагы калыбына келтирилип, музейге айландырылды. А. музей үчкө белүнөт: 1) тарыхый музей, алардын ичинен негизгүүлөрү — Москвадагы мамл. А. музейи, Грузиянын Тбилисидеги А. музейи, Латвиянын Ригадагы А. музейи ж. б.; 2) акыжазуучулардын турган мекенине, үйүнө уюштурулган чыгармачылыгына байланыштуу эскерме музейлер. Мис., Горький ш-дагы «Каширидин үйү», А. П. Чеховдун Ялтадагы музей-үйү, М. Ауэзовдун Алматыдагы музейи ж. б.; 3) мемориалдык ж-а тарыхый А. музейлер айрым союздук респ-каларда уюшулган.

АДАБИЙ СЫЙЛЫКТАР—адабий турмушта көрүнүктүү роль ойногон көркөм чыгармалар үчүн берилүүчү сыйлыктар. А. с. мамл., коомдук-илимий, чыгармачыл уюмдар, басмалар ж-а газета, журналдардын редакциялары тарабынан белгиленет. Аны ыйгаруу ишине кандидатураларды коомчулуктун кеңири талкуусунун негизинде компетенттүү кишилерден турган жюри же атайын комитет чечет. Совет өкмөту 1925-ж. илим, техника, адабият ж-а иск-вонун көрүнүктүү чыгармалары үчүн В. И. Ленин атн. сыйлык белгилеген (анда адабият б-ча сыйлык ыйгарылган эмес). 1939-ж. СССР Эл Комиссарлар Советинин токтому м-н СССР Мамл. сыйлыктары негизделген. Ал 1954-ж. ноябрга чейин Сталиндик сыйлыктар деп аталып, 1941-ж-дан 1952-ж-га чейин түрдүү тармактагы (көркөм адабият ж-а анын тарыхы б-ча да) эмгектер үчүн жыл сайын ыйгарылып келген. 1956-ж. сентябрда КПСС БК м-н СССР Министрлер Совети Лениндик сыйлыкты кайра калыбына келтирүү ж-дө чечим кабыл алды. Ал 1967-ж-га чейин ар жылы, андан бери эки жылда бир жолу, ал эми СССР Мамл. сыйлыгы жылына 6-ноябрда ыйгарылат. Чет өлкөлөрдөгү А. сыйлыктардын белгилүүсү Швециянын королдук Академиясы жылына бере турган Нобель атн. сыйлык ж. б. Биздин өлкөдө адабият м-н иск-вонун жетишкендиктерин белгилөө үчүн ВЛКСМ БКнын 1966-ж. 18-майдагы 9-Пленумунун токтому м-н адабият ж-а иск-во чыгармалары үчүн Ленин комсомолунун сыйлыктары жыл сайын берилө баштады. Союздук респ-каларда да Мамл. ж-а Ленин комсомолунун сыйлыктары бар. Кыргызстанда адабият ж-а иск-во б-ча Мамл. Токтогул атн. сыйлык (1965) ж-а республиканын Ленин комсомолунун сыйлыгы (1967) негизделген.

АДАБИЙ СЫН — адабият таануунун составдык бир белүгү; адабий чыгармачылыктын бир түрү. А. с. учурдагы адабий процесстин жалпы өнүгүш багыттарын ж-а өзгөчөлүктөрүн, пйгиликтерин ж-а мүмкүнчүлүктөрүн талдап, келки адабий көрүнүштөрго, жеке жазуучулардын чыгармачылы-

гына, айрым бир чыгармага өз убагында идеялык-эстет. баа берет. А. с-дын кош милдети бар: ал бир чети учурдагы адабий тажрыйбага таасир этсе, бир чети китеп окурмандардын идеялык-эстет. көз карашын ж-а көркөм табитин тарбиялайт. А. с. *адабият тарыхы* м-н теориясы, эстетика м-н тыгыз байланышта болот, сындын өз замандагы адабий кубулуштар ж-дө баалары, байкоолору, тыянактары бара-бара адабият тарыхынын энчисине өтүп, адабият теориясы м-н эстетиканы да байытат. А. с. байыркы замандарда эле көркөм адабиятты ээрчий чыгып, адабият ж-дөгү жалпы билимдердин арасында өнүгүп келген. Анын өз алдынча бөлүнүп, өз алдынча өнүгө башташы ар кайсы калктарда мезгилдүү басма сөздүн пайда болушу ж-а өнүгүшү м-н байланыштуу. Орус адабий сыны В. Г. *Белинскийден* тартып бийик деңгээлге көтөрүлүп чыкты ж-а коомдук процесс, рев-ячыл демократия үчүн, адабияттагы идеялуулук, элдүүлүк, чынчылдык үчүн күрөштө зор роль ойноду. Маркстик-лениндик окуу сынды идеялык ж-а методол. жактан жаңы баскычка көтөрдү. Сов. доордо А. с. көп улуттуу мүнөз алып, ортоктош идеялык-эстет. принциптердин негизинде өнүгүп, чоң коомдук мааниге ж-а беделге жетишти. Кыргыз А. сыны жазма адабиятыбыз м-н удаалаш пайда болуп, ыкчамдаган татаал өнүгүш жолун басып өттү, көп улуттуу сов. сындын күжүрмөн отряддарынын бирине айланды. Өнүккөн соц. коомдун турмушунда адабияттын мааниси өйдөлөгөндө, көркөм чыгармачылык өөрчүгөндө, жалпы элдин эстет. талаптары өскөндө, А. с-дын ролу да жогорулай берет. Ушундан улам КПСС БКнын адабий-көркөм сынга байланыштуу атайын токтом кабыл алды, к. *Адабий-көркөм сын жөнүндө КПСС БКнын (февраль, 1972) токтому.*

АДАБИЙ СЫНЧЫЛАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК АССОЦИАЦИЯСЫ (МАЛК) 1969-ж. Италиянын Парм ш-да уюшулган. Аны уюштурууга белгилүү француз жазуучусу, сынчысы Ив Гандон демилге көтөрүп, сов. сынчы В. М. Озеров активдүү катышкан. МАЛКтын өз уставы ж-а ЮНЕСКОнун өкмөттөн сырттагы эл аралык уюм деген статусу бар. Азыр Европада, Америкада, Азияда, Африкада 30дан ашык улуттук борбору иштейт. Президенти (Ив Гандон) ж-а вице-президенттери бар. Сов. улуттук борбордун атынан МАЛКтын бир вице-президенти — сов. сынчы А. А. Михайлов. Бул ассоциациянын башкы максаты — гуманисттик идеялардын ж-а салттардын негизинде адабий сынчылардын өз ара катнаштарын бекемдөө, сынчылардын өз ара түшүнүшүн ж-а профессионалдык тилектештигин чыңдоо; басма сөздү пайдаланып, ар түрдүү адабияттардын арасында чыныгы достук атмосферасын түзүү. МАЛКтын алгачкы сессиялары Барселонада (Испания, 1970), Реймсте (Франция, 1972) өткөн. 1973-ж. Москвада 3-сессиясы болуп, ага дүйнөнүн 26 өлкөсүнөн сынчылар катышты. Алар «Адабий сын жана адабий өнүгүш» деген теманын тегерегинде пикир алышты. МАЛКтын катарында В. Озеров, Л. Новиченко, Б. Сучков, К. Бобулов, М. Каратаев ж. б. сов. сынчылар бар.

АДАБИЙ ТИЛ — калыпка салынган, стиль жагынан тарам-тарам ажыраган, коомдук милдети кеңейген, белгилүү бир адамдар жамаатына орток тил. Тил илиминде А. т. ж-дө эки башка көз караш бар: бир көз караш б-ча, А. т. жазма-чийме чыкканга чейин деле ар кайсы элде өнүгө берет; экинчи көз караш б-ча, А. т. жазуу маданиятынын чыгышы ж-а өнүгүшү м-н байланыштырылат. «А. т.» деген түшүнүк демейде ушул мааниде айтылат. А. т. элдик тилдин негизинде белгилүү нормага салынат, айтылышы, жазылышы, колдонулушу такталат. А. т. жазма ж-а оозеки А. т. болуп бөлүнөт. Жазма түрүнүн нормалары басма сөз, газета, журнал, китеп ж. б. аркылуу, оозеки сүйлөнүш нормалары болсо окуу жайлары, радио, театр, теле көрсөтүү сыяктуу коомдук, мамл. мекемелер аркылуу жөнгө салынат. А. т-дин калыптанышында көркөм адабияттын, асыресе көркөм сөз чеберлеринин ролу чоң. Тиги же бул тилде саясий, илимий, көркөм адабияттын дүркүрөп өнүгүшү ал тилди жогорку баскычка көтөрөт. Бул учурда А. т. баралына жеткен тил деп саналат. Жазма-чийменин жаралышы, ар түрдүү адабияттын өнүгүшү, калктын туташ сабаттуу болушу, баштагыдан арбын ж-а бийик милдеттерди аткара башташы кыргыз тилинин өнүккөн А. т. катары калыптанышына шарт түздү.

АДАБИЙ-КӨРКӨМ СЫН ЖӨНҮНДӨ КПСС БКнын (февраль, 1972) ТОКТОМУ — советтик адабий көркөм сындын өсүш тажрыйбасын жалпылап, негизги өнүгүш багытын аныктаган маанилүү партиялык документ. Токтомдо адабий-көркөм сындын азыркы абалы коммунисттик курулуштун улам бийиктеп отурган талаптарын жакшы канааттандыра албай жатканы белгиленди. Борб. Комитет адабий-көркөм сында мүчүлүштөрдү ачып, сындын социалдык парзы деп мына буларды көрсөттү: азыркы көркөм процесстин көрүнүштөрүн, тенденцияларын, закон ченемдүүлүктөрүн терең анализ кылуу; лениничил партиялуулук ж-а элдүүлүк принциптерин бекемдөөгө жардам берүү; сов. иск-вонун бийик идеялык-көркөмдүк деңгээли үчүн күрөшүү; бурж. идеологияга бекем каршы туруу; субъективизмге, дилетантчылыкка ж-а сынчылар арасында жамаатташып кетүүчүлүккө жол бербөө; көркөм чыгармаларды турмуш көрүнүштөрү м-н байланышта кароо, окурмандардын эстет. жактан туура тарбияланышына көмөктөш болуу ж. б. КПСС БК сынды художниктин идеялык түшүнүгүн кеңейтүүгө, чеберчилигин арттырууга, маркстик-лениндик эстетиканын казынасын байытууга милдеттүү деп таап, о. эле өлкөбүздөгү адабий-көркөм сындын ишин жакшыртуу программасын белгиледи.

АДАБИЯТ (ар.— адеп сөзүнүн көптүк саны) — басмадан басылып чыккан коомдук мааниси бар чыгармалардын жалпы аты. Азыркы кыргыз тилинде орусча «литература» (лат. litera — тамга) деген терминдин ордуна колдонулат. Саясий А., тарыхый А., техникалык А., илимий А., медициналык А. ж. б. дегендер ушундай кең мааниде айтылат. Тар маанисинде алганда, А. деп көркөм адабиятты түшүнөбүз. Көркөм А.— иск-вонун бир тармагы, сөз өнөрүнүн жазма түрүндө өнүккөн формасы. Ал көркөм сөз өнөрү катары элдин оозеки чыгармаларында пайда болуп, бийик деңгээлге көтөрүлгөн; жазма-чийме ж-а китеп басуу чыккандан кийин, азыркы калыбында өнүгө баштаган. Көркөм А.— коомдук аң-сезимдин бир формасы. А. коомдук аң-сезимдин башка формаларынан (философия, илим, мораль, укук, саясат ж. б.) образдуу табияты, коомдук аң-сезимдин жалпы системасынан ээлей турган орду, аткарган милдети м-н айырмаланат. Көркөм А. иск-вонун бир түрү катары объективдүү дүйнөнү өз алдынча аңдап билет, б. а., ал чындыкты «сулуулуктун закону боюнча өздөштүрөт» (Маркс); тигил же бул коомдук ж-а турмуштук көрүнүштөрдүн негизги өнүгүш багыттарын элестүү формада чагылтат, аларды тарыхый келечеги м-н кошо карайт. Көркөм А. адамдардын эстет. духовный ж-а идеялык-тарбиялык жактан текши өнүгүшүн шарттайт. Көркөм А. коомдук ж-а турмуштук көрүнүштөргө өз доорунун, өз табынын саясий-идеологиялык, филос.-нравалык, эстет.-этикалык принциптери м-н идеалдарынын бийиктигинен туруп өкүм чыгарат, б. а., прогрессчил көрүнүштөрдү жактайт, терс көрүнүштөрдү ашкерелейт.

Көркөм А. коомдук аң-сезимдин формасы болгондуктан, анын өсүп өнүгүшү, бир формадан экинчи формага өтүшү коомдук-экон. формациялардын алмашуу закон ченемдүүлүктөрү м-н байланышта жүрөт. Мис., жазма-чийме пайда болуп, адабият жаралганга чейин, фольклордук (элдик оозеки) чыгармалар түзүлөт. Бардык эле элдер духовный өнүгүш тарыхында ушу жолду басып өтөт. Алсак, Окт. рев-ясына чейин кыргыз элинин көркөм сөз өнөрү фольклор түрүндө жашаган. Фольклордук чыгармалардын турмушту көркөм чагылтуу принциптери м-н жазма профессионал адабияттын эстет. принциптеринин ортосунда генетикалык байланыш, окшоштук м-н бирге сапаттык айырмачылыктар болот. Жазма-чийме чыккандан кийин, профессионал адабият түзүлөт. Буга Окт. рев-ясынан кийин пайда болгон кенже адабияттар, асыресе кыргыз совет адабияты ишенимдүү мисал болот. Көркөм А-тын үч чоң теги бар: э п о с, л и р и к а, д р а м а.

Көркөм А. өзүнүн тарыхый өнүгүш процессинде классицизм, сентиментализм, романтизм, сынчыл реализм өңдүү түрдүү көркөм методдордун баскычтарынан өттү. Дүйнөлүк көркөм өнүгүштө реализм Шекспирдин трагедияларында, 19-к-дагы француз адабиятында Бальзактын, Стендалдын, орус адабиятында Пушкиндин, Достоевскийдин, Л. Толстойдун чыгармаларында өзүнүн классикалык бийиктигине көтөрүлгөн. Соц. реализм көркөм А-тын өсүш тарыхында улуу бурулуш жасаган этап болду. Анткени ал метод м-н куралданган жазуучу рев-ячыл таптык көз карашы, партиялуу ачык позициясы, элдүүлүк принциптери, алган саясий-идеялык багыты, эстет. идеалы б-ча өзүнөн мурдагы доорлордогу бардык художниктерден кескин айырмаланат. Пролет. улуу жазуучулар А. Горький м-н В. В. Маяковскийдин эң мыкты чыгармалары ушул соц.-реализм методунда жазылган. М. Шолохов, К. Федин, Л. Леонов, А. Твардовский, А. Фадеев, М. Ауэзов, А. Упит, М. Рыльский ж. б-дын классикалык чыгармалары соц. реализмдин андан ары карай өсүш этабын белгиледи. А. Осмонов, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков ж. б-дын белгилүү чыгармалары кыргыз совет адабиятында соц. реализмдин зор жеңиштерине жетишип жатканынын айкын күбөсү болду.

Соц. реализм дайыма өсүп-өнүгүп турат. Ал сапаттык жаңы көрүнүш болуу м-н бирге бүткүл дүйнөлүк көркөм өнүгүштүн эң мыкты үлгүлөрүнүн закондуу мурасчысы да, алардын прогрессчил салттарынын улантуучусу да болуп саналат. Соц. реализм азыркы өсүш этабында зор эстет. идеялык ачылыштар м-н өзүнүн мурдагы рамкаларын кеңейтип жатат. Анын бүгүнкү күндөгү бийиктиги Ч. Айтматов, Э. Межелайтис, Р. Гамзатов, В. Быков, А. Нурпеисов, Ф. Абрамов, О. Сулейменов, Ю. Рытхэу, Ю. Марцинкявичюс, В. Федоров ж. б-дын чыгармалары м-н мүнөздөлөт. Аталган жазуучулардын чыгармалары мазмуну б-ча социалисттик, формасы б-ча улуттук совет адабияты кандайча дүркүрөп өсүп жатканына эң сонун далил болот.

Ад.: Маркс К. и Энгельс Ф., Об искусстве и литературе, М., 1960; Ленин В. И., О литературе и искусстве, М., 1959; Горький М., О литературе, М., 1953.

АДАБИЯТ МЕНЕН ИСКУССТВОНУН ОН КҮНДҮКТӨРҮ ЖАНА ЖУМАЛЫКТАРЫ — бир тууган союздук ж-а автономиялуу респ-калардын адабият, искусство б-ча жетишкендиктерине арналган он күндүк, түрдүү маданий-көркөм чаралар. Бул — СССР элдеринин адабияты м-н иск-восунун өз ара интерн. достук байланыштарын ж-а чыгармачылык тажрыйба алмашууларын күчөтүүнүн бир түрү. Буга акын-жазуучулар м-н бирге профессионалдуу драм., муз.-вокалдык, кинематографиялык, хореографиялык коллективдер ж. б. катышат. Кыргыз адабияты м-н иск-восунун биринчи он күндүгү 1939-ж., экинчиси 1958-ж. Москвада өткөрүлгөн. Он күндүктөрдө Москванын маданият үйлөрүндө, завод-фабрикаларында поэзия кечелери, концерт, лекциялар уюштурулуп, СССР жазуучулар союзунда, М. Горький атн. дүйнөлүк адабият ин-тунда адабий талкуулар өткөн. Сүрөт иск-восу м-н китептердин көргөзмөсү ачылган. Он күндүктөрдүн жыйынтыгында акын-жазуучулар ж-а иск-во чеберлери СССРдин орден, медалдары м-н сыйланган. 1960-ж-дан бери Москвада ж-а бир тууган союздук респ-каларда, 1970-ж. Кыргызстанда өзбек адабияты м-н иск-восунун он күндүгү, 1970-ж. Латвияда, 1971-ж. Украинада, 1972-ж. Татарстанда кыргыз адабияты м-н иск-восунун он күндүктөрү болуп өттү.

АДАБИЯТ ТААНУУ — көркөм адабият ж-дөгү илим. Ал эстетика м-н бирге көркөм чыгармачылыктын жалпы закон ченемдүүлүктөрүн изилдейт. А. т. төмөнкүдөй тармактарга бөлүнөт: *адабият теориясы, адабият тарыхы, адабий сын.* Б. з. ч. 5—4-к-да Байыркы Грецияда адабият м-н иск-вонун чыгармаларына баа берүүнүн карама-каршы эки принциби пайда болуп, о. кылымдын алгачкы мезгилинде Алыскы ж-а О. Чыгыш өлкөлөрүндө А. т. өнүгүүнүн бийик даражасына жетет. Иран м-н О. Азиядагы А. т. араб тилинде өнүгө баштайт. Европ. өлкөлөрдө бурж. мамилелердин өөрчүшү м-н А. т-нун тарыхында жаңы этап башталат. А. Н. *Радищев* (1749—1802) 1-болуп адабияттын коомдук-тарбиялык милдеттерин элди эзүүчүлөргө каршы боштондук күрөшүнө кызмат кылуу милдети м-н байланыштырган. В. Г. *Белинский* (1811—48) орустун А. т. илиминде жаңы доор баштап, материалисттик эстетиканын негизин салды. Реализм үчүн күрөш А. И. *Герцендин* (1812—70), Н. Г. *Чернышевскийдин* (1828—89), Н. А. *Добролюбовдун* (1836—61) эмгектеринде улантылды.

Маркстик адабият таануу 19-к-дын ортосунда пайда болот. К. Маркс м-н Ф. Энгельстин илимдеги жасаган төңкөрүшү чыныгы илимий А. т-нун өсүп өнүгүшү үчүн негиз болуп берди. Алар адабиятты коомдук көрүнүш деп, конкреттүү образдар ж-а сүрөттөр аркылуу чындыкты таануунун өзгөчө формасы деп аныкташты; тарыхты илимий материалисттик түрдө түшүнүүгө таянышып, коомдук аң-сезимдин бардык башка түрлөрү сыяктуу эле адабияттын өсүп-өнүгүшү да коомдун экон. түзүлүшүндөгү, тап күрөшүндөгү өзгөрүүлөр м-н шарттала тургандыгын далилдешти. Мына ушул жобонун негизинде К. Маркс, Ф. Энгельс иск-вого баа берүүнүн объективдүү ченин (критерий) ачышып, адабий чыгарманын көркөмдүк баасы элдин күрөшү канчалык даражада чагылтылгандыгына жараша болоорун белгилешти. Көпчүлүктүн боштондук күрөшүнүн туура көрсөтүлүшү — реалисттик адабияттын мүнөздүү өзгөчөлүгү. Илимий социализмдин негиз салуучулары байыркы адабиятка, о. кылымдагы поэзияга терең материалисттик талдоо жүргүзүүнүн үлгүлөрүн беришкен. Алардын эмгектеринде реализм ж-а элдүүлүк, индивидуалдуулук ж-а типтүүлүк, эпос, трагедия, драма ж-дөгү маселелер каралган. К. Маркс, Ф. Энгельс көркөм чыгармачылыктын чыныгы гүлдөшү соц. рев-ядан кийин орной турган тапсыз коомдун тушунда гана мүмкүн деп эсептешкен.

В. И. Лениндин эмгектери орус ж-а дүйнөлүк эстетика м-н адабият илиминин өсүп-өнүгүшүндө жаңы доорду ачты. Лениндин чагылтуу теориясы, адабияттын партиялуулук принцибин, капитализм учурундагы ар бир улуттук маданияттагы эки маданият ж-дөгү жобону ар тараптан негиздеши, маданий мурасты сын көз м-н карап өздөштүрүү ж-дөгү пикирлери, адабият ж-дөгү марксчыл-лениничил окуунун методол. негизи болду. 1905—07-ж-дагы 1-орус рев-ясынын учурунда Ленин «Партиялык уюм жана партиялык адабият» (1905) деген макаласында адабият м-н иск-вонун партиялуулук принцибин жарыялады ж-а негиздеди, бурж. коомдогу «чыгармачылыктын эркиндиги» ж-дөгү келжирек теориянын бетин ачты. Бурж. адабияттын «партиялуу эместиги» ж-дөгү теорияга каршы Ленин чыныгы эркин, пролетариат м-н ачыктан-ачык байланышкан жалпы пролет. иштин бир бөлүгү болгон адабиятты түзүү милдетин койду. Партиялуулук принцибине таянып, Ленин келечектеги чыныгы элдик соц. адабияттын сапаттарын белгиледи. Л. Н. Толстой ж-дөгү макалаларынын циклинде (1908—11) Ленин көркөм чыгармачылыкка маркстик талдоо жүргүзүүнүн үлгүсүн көрсөттү. «Герцендин эстелигине» макаласында (1912) Ленин орустун рев-ялык кыймылын мезгилдерге бөлүштүрүп, үч башкы доорун аныктады. Бул бөлүштүрүү орус адабиятынын тарыхын илимий түрдө иштеп чыгуунун негизи болуп калды.

Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин соц. маданият түзүлө баштады. Сов. А. т. илиминин методикалык негизи болуп, маркстик-лениндик эстетиканын жоболору кызмат кылды. Бурж. идеология м-н күрөштө өнүгүп жаткан соц. курулуштун практикасында адабияттын партиялуулугу ж-дөгү ж-а өткөн маданий мурастарды өздөштүрүү ж-дөгү лениндик принцип ишке ашты. Компартиянын идеологиялык маселелер б-ча кабыл

алган чечимдерин ж-а көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алып, А. т. илими соц. реализмдин эң маанилүү теориялык маселелерин, көп улуттуу совет адабиятынын тарыхына байланыштуу маселелерди иштеп жатат. Совет доорунда кыргыздын формасы улуттук, мазмуну социалисттик көркөм адабияты калыптанып, А. т. өнүктү. Кыргыздын А. т. илими элдин адабий, эстет. жактан өсүп-өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрү, улуттук адабиятта соц. реализмдин калыптануу процессинин өзгөчөлүктөрү, фольклордук салттар м-н реалисттик тажрыйбанын кандайча айкалышып жаткандыгы, кыргыздын көркөм сөз чыгармачылыгында жашап келген түрлөрдөгү ж-а жанрлардагы жаңы сапаттык өзгөрүүлөр, мурда болбогон түрлөр м-н жанрлардын өсүп-өнүгүшүн шарттаган коомдук-эстет. факторлор, социалдык шарттардын, иск-вонун милдеттеринин өзгөрүшү м-н бирге адабияттын тематикасындагы, проблематикасындагы өзгөрүүлөр, анын турмушту көркөм түрдө көрсөтүү жолдорунун, каражаттарынын байышы ж. у с. маселелерди кароого ж-а чечүүгө аракет кылып келе жатат. Кыргыз элинин көркөм сөз чыгармачылыгын, айрыкча бай фольклорун изилдөөдө М. *Ауэзов*, В. *Жирмунский*, М. *Богданова* ж. б. эмгектеништи. Азыркы күндө адабиятчылардын бүтүн бир отряды илимдин бул тармагында активдүү иштеп жатат.

Ад.: Маркс К. и Энгельс Ф., Об искусстве, т. 1—2, М., 1967; Ленин В. И., О литературе и искусстве, 4 изд., М., 1969; Тимофеев Л., Основы теории литературы, 4 изд., М., 1971.

АДАБИЯТ ТАРЫХЫ — көркөм адабият ж-догу илимдин составдык бөлүгү. А. т. конкреттүү көркөм адабияттын жаралыш ж-а өнүгүш процессин, адабияттагы стилдер м-н багыттардын пайда болушун, калыптанышын, алмашып турушун, жеке-жеке жазуучулардын чыгармачылык жолун изилдейт, к. *Адабият таануу*.

АДАБИЯТ ТЕКТЕРИ — адабий чыгармаларды системага салуу ж-а топтоп ажыратуу принциби. Көркөм адабият *эпос, лирика, драма* деген үч топко бөлүнөт. Бул көркөм маданияттын узакка созулган тарыхый өнүгүшүнүн натыйжасында келип чыккан. Көркөм чыгармачылыктын түрлөрү байыркы заманда бири биринен ажырабаган (синкреттүү) мүнөздө болуп, коомдук турмуштун татаалданышынан улам ич ара жиктеле баштаган. Көркөм адабияттагы мындай жиктелүүнү 1-жолу илимий соз (термин) м-н *Аристотель* атаган. Адабий чыгармалар реалдуу дүйнөнү чагылдыруу ыгына жараша тектерге бөлүнөт. Эпос турмуш көрүнүштөрүн объективдүү (келки окуяларды сүрөттөө аркылуу) чагылдырууга умтулат; драмада окуялар каармандардын кыймыл-аракети ж-а өз ара сүйлөшүүсү аркылуу берилет; лирикада адамдын ички сезимдери туюнтулат. Ушуга жараша лирикада — монолог, драмада — диалог, эпосто монолог-диалогдон башка окуялардын жүрүшүн баяндоолор, портреттик ж-а пейзаждык мүнөздөмөлөр басымдуулук кылат. Бирок А. т. бири биринен окчун ажырап турган көрүнүштөр эмес, алардын биринe тиешелүү касиеттер экинчисине оошуп өтө берет. Анын үстүнө адабий чыгармалардын тектерге бөлүнүшү дайыма шарттуу (болжолдуу) мүнөзгө ээ болот.

АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫ — көркөм адабият ж-догу илимдин составдык бир бөлүгү. Ал көркөм адабияттын пайда болуу ж-а өнүгүү закон ченемдерин, спецификасын, социалдык табиятын ж-а маанисин изилдеп, адабияттын идеялык-эстетикалык тажрыйбасын теориялык жактан жалпылайт, адабий процесстин түпкүлүктүү закондорун ачат, адабияттык анализдин ж-а синтездин принциптерин иштеп чыгат. А. т. эң оболу адабият тарыхы м-н байланыштуу өнүгөт. Ал о. эле *эстетика, адабий сын* м-н да эриш-аркак байланышта болот. А. т. өзүнүн теориялык корутундуларын иштеп чыгууда бир четки эстетиканын закон ченемдүүлүгүнө таянса, бир четки адабият тарыхында чогултулган фактыларга таянат. Өз кезегинде А. т-нын негизги жоболору адабият тарыхчысы м-н сынчынын ишине таасирин тийгизип, бүкүлү адабий процесстн анализдөөнүн принциптерин аныктайт.

АДАБИЯТТЫН ТҮРЛӨРҮ, к. *Жанр.*

АДАЖИО (итал. adagio — жай) музыкада — 1) жай темп; 2) ушул темпте аткарылган музыкалык пьеса же анын бир бөлүгү (адатта симфониянын, квартеттин, сонатанын ж. б. ортонку бөлүмдөрүнүн бири). Балетте — бийдин жай бөлүгү. А. лирикалык обондуу музыка м-н коштолот да, кеңири ж-а жай кыймылдардын биримдигин, кээде өз алдынча бийлердин эпизодун (па-де-дё, па-де-труа, па д'аксьон, гран па) түзөт. Бийчинин туруктуулугун, тең салмактуулугун өстүрүү багытындагы жай көнүгүүлөрү бар классикалык бий сабагынын бир бөлүгүн да А. дейт.

АДАП ЖЫЛКЫСЫ — Каз. ССРинин Гурьев обл-да чыгарылган жылкы. Ак-Тебе, Кызыл-Ордо обл-тарында, Түркм. ССРинин кээ бир р-ндорунда өстүрүлөт. Боюнун бийиктт. 136—140 *см*. Ал анча чоң эмес, субагай тартып, конституциясы чың, жол жүрүүгө чыдамдуу, ысык ж-а суукка байымдуу, чөл чөбүн оттосо да, этинен түшөйт. Бул жылкы сүттүүлүгү жагынан айырмаланат. Ар бээден бир сезондо 1500—2500 *кг* сүт саап алууга болот. А. ж. жайы-кышы үйүрдө багылат. Көбүнчө күч унаа, кымыз, эт үчүн асыралат.

АДАМ — Жердеги тирүү организмдердин өөрчүп-өсүшүндө жогорку баскычка көтөрүлгөн коомдук жаныбар. А-дын башка жаныбарлардан айырмасы: ал эмгек куралын жасап, аны м-н айлана-чөйрөгө таасир этип, өзгөртүүгө жарамдуу; мээсинин түзүлүшү татаал, аң-сезими бар, сүйлөөгө тили жөндөмдүү. А. генет. жактан жаныбарлар м-н тектеш, ал аң-сезимдүү коомдук жаныбар болгуча узакка созулган биол. даярдоо тарыхын да басып өткөн. Мис., А-дын тик басышы, кол-бутунун азыркыдай түзүлүшкө ж-а функцияга ээ болушу, добуш чыгаруу аппаратынын, сезүү органдарынын, мээсинин айырмалуу багытта өөрчүшү, жаныбарлардын анатомия-физиол. өрчүү эволюциясында акырындык м-н пайда болгон. Адам сымал маймылдын жашоо үчүн табияттагы даяр перселерди курал катары колдонушу А-дын эмгек куралын жасашына түртүк берип, өбөлгө түзгөн. Эмгек куралын жасоого жарамдуулугун, аны табиятты өзгөртүү үчүн пайдалана билгенин марксизм-ленинизм А-дын эң түпкү белгиси деп санайт. Адам сымал маймылдын А-га айланышына шарт түзгөн эмгек болгон. Эмгек А-дын аң-сезиминин, сезүү органдарынын ж-а мээсинин иштешин жакшыртып, дене түзүлүшүн өзгөртүп, антропогенездин улам жаңы баскычына көтөрүп, жүз миңдеген жылдардан кийин жаңы биол. түрдү пайда кылган. Эмгек аң-сезимдин туундусу катары тилди жаратат. Тил А-дын айбанчалыш абалдан суурулуп чыгышына, коомдун пайда болушуна, аң-сезимдин калыптанышына, материалдык ж-а рухий маданияттын кескин илгерилешине омоктуу негиз түзгөн.

Анатомия-морфол. бөтөнчөлүктөрү жагынан А. сүт эмүүчүлөрдүн приматтар (маймыл, чала маймыл, адам) отрядындагы, асыресе «гоминид» (лат. homa — адам) тукумуна кирет. Гоминиддердин түпкү теги мындан 1 млн. жылдан мурда Чыг. Африкада жашаган зинжантроптордон келип чыккан. Кааганда зинжантроптун сөөктөрү м-н бирге сомдолуп жасалган куралдар да табылган. Мунун өзү алардын, өтө жөнөкөй болсо да, эмгек куралдарын жасай билгенин далилдейт. Гоминиддер тукумуна дрипитектер м-н австралопитекter да кирет. Алардын калдыктары Азиянын ж-а Африканын көп жеринен табылды. Булардан кийинки эң эзелки адамдар — питекантроп (Ява а-да), синантроп (Кытайда), атлантроп (Африкада), гейдельберг адамдары (Германияда). Эмгек куралдарын жасоо питекантроптордун убагында эле эзелки А-дын кулкмүнөзүнө таасир этип, өз ара пикир алышуу зарылдыгын туудурган. Ушуга байланыштуу алардын мээ түзүлүшү да өзгөрө баштаган. Мындай эволюциялык өзгөрүштөр А. коомунун алгачкы доорлорунда да болгон. Буга Европада, Африкада, Азияда жашаган неандерталдардын коптогон калдыктары далил. Төртүнчүлүк доордун аяк чегинде неандерталдарда коомдук мамилелер өнүгө баштаган. Кийинчерээк неандерталдардын ордун кро-

маньондор баскан. Алар илимде Homo sapiens (лат. акылы бар адам) деген атка конгон. Кроманьондор куралдарды неандерталдарга караганда дурус жасаган. Алардын дене түзүлүшү м-н түр-түспөлүндө да туруктуу морфол. ж-а расалык белгилер пайда болгон. Ошентип, тарыхый ж-а эволюциялык өнүгүүнүн натыйжасында калыптанган А. жер жүзүндөгү ар түрдүү материктерде жашай баштаган. А. өзү турган жердин ысык-суугуна ж-а турмуштун башка шарттарына улам ыңгайлашып отурган. Натыйжада А-дын сырткы түр-түспөлү өзгөрүп, ар жерде ар түрдүү расалар калыптанган. Расалар бири биринен сырткы белгилери — терисинин түсү, чачы, көзү, бет түзүлүшү, бою ж. б-лары б-ча айырмаланат.

А-дын денеси башка жаныбарлардыкындай эле клеткалардан турат. Түзүлүшү ж-а функциялары б-ча клеткалар клеткасыз заттар м-н бирге айрым топторду (эпителий, бириктиргич, булчуң ж-а нерв ткандарын) түзүшөт. Өз кезегинде А-дын органдары ж-а системалары ткандардан куралат. Түркүктүк ж-а кыймылдоо функциясын скелет, муундар ж-а булчуңдар аткарат. А-дын тамактанышы тамак сиңирүү органдары (ооз көңдөйү, кызыл өңгөч, карын, ичке ж-а жоон ичегилер, тамак сиңирүү бездери) аркылуу жүрөт. А. дем алуу жолдору ж-а өпкө аркылуу дем алат. Дем алганда организмге зат алмашуу процессине зарыл кычкылтек жеткирилип, ткандарда жыйналган зыяндуу көмүр кычкыл газы бөлүнүп чыгат. Зат алмашууда пайда болгон зыяндуу заттар тери, бөйрөк аркылуу да организмден сыртка чыгарылып, кандын составын туруктуу кылып турат. Ткандарды ж-а клеткаларды тамак, кычкылтек, гормон м-н камсыз кылуу, пайдасыз зыяндуу заттарды бөлүп чыгаруу милдетин жүрөк-кан тамыр ж-а лимфа системалары аткарат. Жалпы организмде ткандардын, органдардын, системалардын бири бири м-н байланышын борб. нерв системасы башкарат.

Ад.: Энгельс Ф., Маймылдын адамга айлануу процессинде эмгектин ролу, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., кырг. бас., 2-т.; Дарвин Ч., Происхождение человека и половой отбор, Соч., т. 5, М.—Л., 1953; Решетов Ю. Г., Природа Земли и происхождение человека, М., 1966; Нестурх М. Ф., Происхождение человека, М., 1970.

АДАМ АТА — дийний түшүнүк б-ча кудай жаратkан эң алгачкы киши, адамзаттын атасы. А. а. жалгызсырасын деп кудай кийин Аба энени жаратkан имиш. Экөө бейиште жашаган. Алла таалanын айтканын аткарбай, күнөөкөр болуп, бейиштен куулган; ошондон кийин эмгек м-н күн өткөрүп калган. А. а. ж-догу имиш Куранга ыуда ж-а христиан диндеринин мифологиясы аркылуу кирген. Христиандардын «Жаңы осуятында» кудай адамды топурактан жууруп, тапоосуна үйлөп жан киргизип, жер-

дин, андагы жан-жаныбарлардын ээси кылыптыр деген имиш айтылган. Илим бул уламыштардын негизсиз экенин далилдеди.

«АДАМ ЖАНА АВТОМАТ» СИСТЕМАСЫ — процесстерди башкарууга керектеле турган маалыматтарды иштеп чыгуучу адамдардын ж-а автоматтардын биримдиги. Бул кибернет. система болгондуктан, кибернетиканын системаларын изилдөөдө колдонулган метод м-н изилденет. Башкаруу милдетин адам м-н автомат биргелешип аткарса да, «А. ж-а а.» с-сын түзүүчүлөр өз ишинде ар кимиси өзүнө тийиштүү принциптерге ж-а закон ченемдүүлүккө баш нет. «А. ж-а а.» с-сын изилдөөдөгү кызык ж-а негизги объект — адам. Адам өзүнүн татаалдыгы, сырткы таасирлерди кабыл алгычтыгы, так метод м-н изилденүүгө мүмкүн эместиги м-н айырмаланат да, системанын татаал звеносу катарында каралат. «А. ж-а а.» с-сын кибернет. системалардын жалпы классынан бөлүп турган негизги проблема бирдиктүү башкаруу системасындагы адам м-н автоматтык түзүлүштөрдүн милдеттерин бөлүштүрүү болуп саналат. Адам м-н автоматтын ортосунда милдет бөлүштүрүүдө ар түрдүү маанидеги факторлор: башкаруунун пайдалуулугу ж-а ишенимдүүлүгү, аппаратуранын наркы, башкарууга кеткен чыгымдар, оператордун чарчоосу ж-а анын ишке канааттануусу эсепке алынат. Ошондуктан «А. ж-а а.» с-сын колдонууда адамдын жалпы абалдарын, татаал кибернет. системада берилген маселени аткарууга жөндөмдүүлүгүн объективдүү изилдөө ж-а автоматтык түзүлүштөрдүн каспеттерин билүү зарыл.

Ад.: Автоматизация производства и промышленная электроника (Энциклопедия современной техники), т. 3, М., 1964.

АДАМ ЖАШООЧУ ОРБИТАЛЫК СТАНЦИЯ — орбитада узак убакыт бою айланып жүрүүгө ылайыкталган ичинде экипажы бар *Жердин жасалма спутниги*. Станцияга экипаждар атайын трансп. космос кемеси м-н жеткирилип, кайра мезгили м-н алмаштырылып турат. Ал станцияга ар түрдүү приборлор ж-а аппараттар орнотулат, аларды космонавттар Жерди ж-а космос мейкиндигин изилдөөдө (к. *Планеталар аралык автоматтык станция*), радиоастрон. ж-а метеорол. байкоолорду жүргүзүүдө, космос мейкиндигинде материалдар м-н жабдууларды сынап көрүүдө колдонот. Станция орбитада космостук оор кемелерди жыйноочу база катарында чоң мааниге ээ.

АДАМ ФАКТОРЛОРУ — «Адам жана машина» системасындагы адамдын ролун ачып көрсөтүүчү инженердик психологиянын түшүнүгү. А. ф. башкаруу системасындагы адам-оператордун жөндөмдүүлүгүн изилдөө, адам ж-а башкарылуучу процесстин өз ара аракетинин оптималдуу шарттарын түзүүгө байланыштуу. Мында ачыкайкын технол. бир процесстин көрсөткүчтөрү эле эске алынбастан, адам-оператордун ал процессти башкара алуу мүмкүнчүлүктөрү да эске алынат. А. ф-на төмөнкү көрсөткүчтөр кирет: психикалык органдардын абалына байланышкан дүүлүктүргүчтөрго карата адамдын сезгичтиги, иштин ар кандай режими учурунда ишке жөндөмдүүлүк, бир ишти аткарып жатып экинчи бир ишке алаксып кетүү мүмкүнчүлүгү, информацияны кабыл алуу, сактоо ж-а иштете алуу өзгөчөлүктөрү, күтүлбөгөн жерден пайда болгон абалдарда ж-а экстремалдуу шарттарда чечим чыгара алуу жөндөмдүүлүгү. А. ф-н изилдөө Сов. Союзунда ж-а чет өлкөлөрдө кеңири жүргүзүлүп жатат.

АДАМАНТОБЛАСТТАР (гр. adámas — болот ж-а blastós — өсүнүү), амелобласттар, ганобласттар — тиштин кабына эмалды иштеп чыгаруучу эпителий клеткалары.

АДАМДЫН БОЮ (дене өсүшүндөгү өлчөм) — антропологияда ж-а медицинада адам денесинин морфол. өсүшүн, анын мүчөлөрүнүн бири биринe шайкеш келишин мүнөздөөчү белги. Жаңыдан төрөлгөн эркек балдардын боюнун орточо уз. 54 *см*, кыздардыкы 53 *см* болот. Бойдун өсүшү жаш өткөн сайын бир калыпта жүрбөйт. Аялдын боюнун өсүшү 17—18, эркектики 18—19 жашка чыкканда токтолот. Бул кубулуш соңку жүз жыл ичинде бүт жер шарында орун алып келе жаткан акцелерацияга (өсүштүн ылдамдашына) байланыштуу. А. б. 45 жаштан ар бир он жылда 1—1,5 *см* ге чейин кичирее баштайт. Бул негизинен омурткалар кемиректеринин, тамандын жукарышынан ж. б. себептерден болот. Кишинин орточо боюнун уз.: эркектердики 165 *см*, аялдардыкы 154 *см* ге жакын. А. б-нун бийиктиги ар түрдүү биол. ж-а коомдук факторлордун таасирлерине байланыштуу. Адамдардын бою жашоо шарттарынын бирдейлигине, антроп. составына карабастан, орточо эсеп м-н 20 *см* ге чейин өзгөрүлүшү мүмкүн. Жер шарындагы кодоо эркектердин бою 153 *см*, аялдардыкы 142 *см*, узун бойлуулардыкы 177 *см* ж-а 165 *см* ге барабар. Бул сандан ашык же кем бойлуулар нормадан сыртта деп эсептелет.

АДАМДЫН ЖАНА ГРАЖДАНИНДИН УКУКТАРЫНЫН ДЕКЛАРАЦИЯСЫ — Улуу француз рев-ясынын программалык документи. 1789-ж. 26-августта уюштуруу чогулушунда кабыл алынган. Декларация кириш сөздөн ж-а 17 статьядан турат. Анын 1-статьясында «Адамдар эркин ж-а тең укукта туулган, ошол эле бойдон кала бермекчи», — деп көрсөтүлгөн. Ал феод. эзүү м-н феод. түзүлүштү жоюуну ж-а капит. эзүү м-н бурж. түзүлүштү орнотууну жарыялаган. Бул анын таптык бурж. маңызын көрсөткөн. Декларация прогрессчил ж-а рев-чыл зор мааниге ээ болгон,

феод.-абс. тартиптерге каршы күрөштө Францияда гана эмес, башка өлкөлөрдөгү антифеод. чыгуулардын да туусу болуп калган. 1793-ж. улуттук конвентте жаңы конституция м-н бирге кабыл алынган. А. ж-а г. у. д. алда канча демократиялуу болгон. Анда элдин укуктарын бузган өкмөткө каршы көтөрүлүш чыгаруу, чогуluштарды өткөрүү укуктары ж. б. кошумчаланган.

АДАМДЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ (лат. constitutio — дене түзүлүшү) — организмдин тукум куучу ж-а көнүмүш касиеттеринин негизинде бир калыпка келген реактивдүүлүгүн аныктоочу функционалдык ж-а морфол. өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы. СССРде көбүнчө М. В. Черноруцкийдин классификациясы таркалган. А. к-ның морфол. белгилери Пиньенин индекси б-ча, о. эле функционалдык касиеттерине карата астеник, нормостеник ж-а гиперстеник болуп үч типке бөлүнөт. Астеник тибиндеги адамдардын бою, колу, буту узун; жүрөгү кичине; өпкөсү узунураак, бир кыйла чоң; ичегилери кыска, диафрагмасы ылдый жайгашкан. Физиол. жактан алардын артериялык кан басымы төмөн, дем алуу көлөмү көбүрөөк, бойрок, жыныс бездери начар, калкан ж-а гипофиз бездери катуу иштейт. Астениктердеги морфол. ж-а функционалдык өзгөрүүлөрдүн тескериси гиперстениктерде кездешет. Дүүлүктүргүч ж-а тормоздогуч процесстердин күчү, тең салмактуулугу ж-а кыймылдуулугу б-ча нерв системасынын функционалдык өзгөчөлүктөрүн изилдеп, И. П. Павлов адамдын жогорку нерв ишин негизги төрт түргө бөлгөн: 1) токтоно албаган, эркн күчтүү, кызуу кандуу (холерик); 2) эркн күчтүү, оор басырык, шамдагай же ыкчам (сангвиник); 3) эркн күчтүү, оор басырык, жоош же камырабаган, кыбыр (флегматик); 4) эркн бош (меланхолик). Павловдун айтуусу б-ча бул абал адамдын борб. нерв системасына байланыштуу. Нерв системасынын типтик өзгөчөлүктөрү невроз, рак, ар түрдүү жугуштуу оорулардын пайда болушуна ж-а аларга каршы иммунитеттин иштелип чыгышына таасирин тийгизет, ошондуктан анын клиникалык патологияда мааниси чоң.



АДАМКАЛЫЙ Байбатыров (1895, Кант р-ну, Ат-Башы кыш., — 1953, Фрунзе) — белгилүү кыргыз өнөрпозу, туцгуч кыргыз куурчак оюнчусу, темир комузчу, имитатор (тууроочу), Кыргыз ССР эмг. сиц. артисти (1941). 1926-ж-дан КПССтин мүчөсү. А. 1925—30-ж. айылдык советтин төр агасы, 1931-ж. Кыргыз мамл. театрынын артисти, 1937-ж. Кыргыз филармониясынын солисти болуп иштеген. Жаш кезинде орус байларында малай жүрүп, балалайка м-н гармонду үйрөнгөн. Ал чебер комузчу, ооз комуздун мыкты устаты болгон. Окт. рев-ясына чейин эле (1912) кыргыз арасына куурчак оюнун көрсөтө баштаган. А. 1918—21-ж. Кызыл Армиянын катарында кызмат кылып, кайтып келгенден кийин (1921—25-ж. Чүй, Ысык-Көл, Нарын өрөөндөрүндөгү элге «Куурчак катын Куртунай», «Теке сүзгөн келин», «Жарын тапты» сыяктуу кыска-кыска куурчак спектаклдерин көрсөтөт. А. чебер темир комузчу катарында «Күйгөн», «Күцүтай», «Кыздарай» аттуу обондорду, «Тагылдыр тоо», «Керме тоо», «Турумтай», «Булбул», «Карача-торгой», «Көк музоо», «Чоор күүсү», «Арман күү» деген күүлөрдү аткарган. А. туцгуч темир комузчулар ансамблин (1939) түзгөн.

Лит.: Кумушалиев К., Алагушов В., Адамкалый, «Ала-Тоо», 1969, № 11.

АДАМ-КҮНҮ — жумуш убактысын эсептөө өлчөмү. Жумушчунун ишке келген күнү ал канча саат иштегенге карабастан, аткарылган А. к. болуп эсептелет. А. к-нө жумушчу иш ордунда же командировкада, дем алыш, майрам убактысында иштеген күндөрү да кирет. Эгер жумушчу өзүнө тийиштүү убакытта иштеп бүтүп, андан тышкары иштесе да, А. к-нө кошулат. Жумушчу ишке чыгып, бирок эркинен тышкаркы себеп м-н жумуш күнүн толук иштей албаса, ал аткарылбаган А. к. болот.

АДАМ-СААТ — өндүрүштөгү жумуш убактысын эсептөөдөгү чен бирдиги. Өндүрүштө пайдаланылган А. с. сменада ж-а сменадан тышкаркы бардык жумушчу иштеген сааттын саны м-н аныкталат. Биздин өлкөдө 1967-ж-дан тартып эл чарбасындагы бардык жумушчулар м-н кызматчылар жумасына 39,4 *с* иштөөгө өттү.

АДАМС МЕТОДУ — кадимки дифференциалдык теңдеменин же теңдемелер системасынын алынган чекитте баштапкы шарттары берилгенде, жакындатылган чыгарылышынын таблицасын түзүүгө мүмкүндүк берүүчү сандык интегралдоо методунун бир түрү. Бул методду англ. астроном Дж. Адамс сунуш кылган (1855).

АДАМСИТ, дигидрофенарсазинхлорид, $HN(C_6H_4)_2AsCl$—кристалл түрүндөгү сары күкүм, эрүү t 195°С, сууда эрибейт, көпчүлүк орг. эриткичтерде начар эрийт, хим. туруктуу зат. А. *дифениламин* $(C_6H_5)_2NH$ м-н үч хлордуу мышьяктан $AsCl_3$ же дифениламиндин хлоргидраты $(C_6H_5)_2NH\cdot HCl$ м-н мышьяктуу ангидриддин As_2O_3 алынат. Ал дем алуу жолдорун дүүлүктүргүч заттарга кирет. 1-дүйнөлүк согуштун аягында ууландыргыч зат катары сунуш кылынган.

АДАНА, Сейхан — Турциянын түштүгүндөгү Сейхан д-нын боюндагы шаар. Адана вилайетинин админ. борбору. Калкы 290,5 миц (1965). Шоссе ж-а т. ж. тоому. А. ч. машиналарын чыгаруучу, кездеме токуу, пахта тазалоочу, бут кийим, тамеки, цемент о. ж-лары бар.

АДАПТАЦИЯ (лат. adaptatio — ыцгайлануу) — жашоо чөйрөсүнө организмдердин ж-а алардын органдарынын ыцгайланышы. А-да организмдин клеткалары м-н ткандарынын кээ бир тиричилик аракеттери өзгөрүлүп, чыдамдуулук абалы арта баштайт. Жашоо абалынын тарыхый өсүү жолунда организмдин начар клеткалары жоголуп, күчтүүлөрү өнүп-өсүп, чөйрөгө жараша табигый өзгөрүүлөрдүн натыйжасында аларда А. касиеттери пайда болот. Ар бир жаныбардын ж-а өсүмдүктүн органдарынын ж-а клеткаларынын жашоо шарттарынын ортосунда тикеден-тике байланыш бар. Мис., сүт эмүүчүлөрдүн бири — дельфиндердин денеси узун торпедо сыяктуу, териси жылма, сууда тез сүзүүгө жөндөмдүү. А-нын натыйжасында жарганаттын алдыцкы буттары учууга, момолойдун алдыцкы буттары кыска келип, жер казууга ыцгайланган. Сууда жашоочу сүт эмүүчүлөрдөн киттердин буттары сүзгүч канатка айланып кеткен. Маймылдын буту жыгачтын башына чыгууга ылайыкталып, баш бармагы калган манжаларына карама-каршы түзүлгөн. Белгилүү бир жашоо шарттардагы өзгөрүштөр өсүмдүктөрдө да көп кездешет. Көптөгөн өсүмдүктөрдүн гүлдөрү курт-кумурскалар ж-а канаттуулардын кээ бир түрлөрү аркылуу чаңдашууга ыцгайланган. 19-к-дын 2-жарымында Ч. Дарвин эволюциялык теорияны ачкандан баштап, А. организмдеги эзелтен берки процесс болбостон, орг. эволюциянын үч факторунун (өзгөргүчтүктүн, тукум куучулуктун, табигый тандалуунун) натыйжасында пайда болгон процесс деп аталат.

АДАПТАЦИЯЛЫК СИНДРОМ *(адаптация* ж-а гр. syndorome — белгилердин жыйындысы) — күчтүү ж-а узакка созулган тышкы ж-а ички дүүлүктүргүчтөрдүн таасиринен жаныбарлардын, адамдардын организмдеринде пайда болгон биргелешкен жалпы коргонуу реакциясы. А. с. түшүнүгүн 1936-ж. канада окумуштуусу Г. Селье киргизген. Реакцияларды туудурган факторлорду Селье стрессорлор деп, алардын организмге тийгизген таасирин стресс деп атаган. А. с-дун негизги белгилерине төмөнкүлөр кирет: бойрок үстүндөгү бездин кыртыш катмарынын чоцоюшу, тимико-лимфатикалык аппараттын кичирейиши, эозинофилдердин канда азайышы, ак кан денечелеринин көбөйүшү, зат алмашуунун бузулушу ж. б. А. с.— үч баскычтан (фазадан) түзүлгөн процесс, биринчи чочулоо баскычы 6 дан 48 саатка чейин созулат да, шок ж-а

шокко каршы турат. Стрессор өтө күчтүү болсо, чочулоо баскычы организмди өлүмгө кирептер кылышы мүмкүн. Эгер организм бул баскычтан аман-эсен өтсө, анда экинчи — туруштук берүүгө ийкемдүүлүк баскычына өтөт. Стрессорлук факторлор организмге таасир кыла берсе, бул үчүнчү — жабырканууу стадиясына айланат.

АДАПТЕР (лат. adapto, англ. adapter — ыцгайлаштырам) — 1) фотоаппаратта жарык сезгич фотоматериалдын ар түрдүү форматын колдонууга мүмкүндүк берүүчү кошумча кассета. Сүротко тартууда фильмпакка салынган плёнкалуу ж-а пластинкалык А. колдонулат; 2) граммофон пластинкасын ойноткондо, ийненин мех. термелүүсүн үн жыштыктарынын электрдик термелүүсүнө айландыргыч.

АДАТ — адамдын көпчүлүк үчүн өнөкөт болуп калган жүрүш-туруш тартибинин жоболору. Ал мамлекет тарабынан киргизилбейт, коомдук пикирдин күчү м-н аткарылат ж-а сакталат. А-тын көп эрежелери байыркы убакта түзүлгөн. Уруулук түзүлүш бузулуп, феод. мамилелер өнүккөн кезде, А. өзүнүн алгачкы маанисин жоготуп, феод. укук катары бийлөөчү таптын куралына айланган. А.— элдик салттарды тутуу ж-а коомдогу мүлктүк, үй-бүлөлүк ж. б. мамилелерди жөнгө салуу ж-дегү эрежелер. А-та бир жактан социалдык, саясий уюмдун ж-а диндин, экинчи жактан тутумдаш жашаган ар түрлүү элдердин маданий-укук таасирлери байкалат. СССРде А-тын сов. укукка кайчы келе турган жоболору законсуз деп табылып, анын кээ бир аракеттери (канга кан, кун төлөө, калың д. у. с.) кылмыш катары эсептелет, ал эми кайчы келбей тургандары (үйлөнүү тою ж. б.) салт катары таанылат. Азыр эски А. акырындык м-н жоюлуп, эмгекте өз ара бири бирине жардам берүү принцибине, эмгекчилердин тилектештигине, элдердин достугуна, сов. патриотизмге негизделген жаңы А. пайда болууда.

АДАТ УКУГУ — үстөмдүк кылуучу таптын мүдөөсүн көздөп келген адат нормаларынын ж-а жүрүш-туруш эрежелеринин жыйындысы. Уруунун, уруктун башчылары ошол уруу-урук-тардын кээ бир А. у-н бузган мүчөлөрүн ар түрдүү мүлк ж-а кылмыш жазасына тарта баштаган. Үшундан баштап эл арасында туруктуу А. у. пайда болуп, башкаруучулар аны м-н ошол коомдогу адамдын жүрүш-турушун жөнгө салып келишкен. Коомдун өз ичиндеги ж-а тышкы күчтөрдүн таасири аркылуу А. у. ар дайым өзгөрүп турган. Азыркы убакта А. у. кээ бир капит. мамл-тердин колонияларында метрополиянын закондору м-н катар колдонулуп, капиталисттерге өз карамагындагы көз каранды элдерди карацгылыкта карман, эзүүгө жардам берип келе жатат. Окт. рев-ясынан кийин СССРде, айрыкча Кыргызстанда А. у. феод. зыяндуу калдык катары эсептелип, Сов. бийликтин негизги принциптерине каршы болгондуктан, кыргыз арасындагы мурдагы А. у. (оч алуу, кун төлөө ж. б.) 20-ж-дары эле закон жүзүндө жоюлган. Кырг. ССР УКнын 114—117-статьялары б-ча калың берүү же алуу, аялды никелешүүгө мажбурлоо сыяктуу эски адатты колдогондор уголовный жоопкерчиликке тартылат.

АДВЕКЦИЯ (лат. advectio — жеткирүү) — абанын горизонталдык багыт б-ча таралышы (тик багытта жылганы — конвекция). Абанын касиеттерине жараша А-ны түрдүүчө аташат. Мис., белгилүү багыт ж-а ылдамдык м-н аба басымынын таралышы — басымдык А., темп-раның которулушу жылуу же муздак А. деп аталат. А-нын таасиринен аба ырайы өзгөрөт. Мис., тоцгон кыртыштын үстүнө жылуу аба келсе, туман пайда болот.

АДВЕНТИВДИК ОРГАНДАР (лат. adventicius — келгин, адаттан тышкары) — өсүмдүктөрдүн өсүү чекитинин меристема тканынан эмес, калыптанып бүткөн бөлүктөрүнүн адаттан тышкары жеринде түзүүчү ткандан пайда болгон органдар (бүчүрлөр ж-а тамырлар). Мис., адвентивдик бүчүрлөр адаттагыдай сабактын учуна же муунуна — жалбыректын колтугуна чыкпастан, сабактын муун аралыгында, жалбыракта ж-а тамырда пайда болот; адвентивдик тамырлар сабактан, жалбырактан өсүп чыгат. А. о. өсүмдүктөрдүн шагын, тамыр системасын байытат, кээде негизги тамырларга тете болот.

АДВОКАТ (лат. advocatus — юридикалык консультант) — юридикалык жагынан жардам көрсөтүүгө жөндөмдүү адис. СССРде юридикалык жогорку билими бар, өз кесиби б-ча кеминде 2 жыл стажысы бар киши А. боло алат. Сов. А. ишканага, мекемеге, уюмга ж-а калкка тиешелүү укук маселелери б-ча кеңештер берет. А. сот процессине уголовный иш б-ча жактоочу катары, гражд. иш б-ча доокердин же жоопкердин өкүлү катары катышат. СССРде юридикалык консультациянын кецири тармагы болгондуктан, калк А-тын кызматынан каалаган убакта пайдалана алат.

АДВОКАТУРА — СССРде адвокат ишиндегилердин ыктыярдуу коомдук уюму. Республиканын А-нын укуктары м-н милдеттери «Кыргыз ССРинин адвокатурасы жөнүндөгү жободо» (1961) белгиленген. Республикада, областтарда адвокаттар коллегиясы, райондордо ж-а шаарларда шаардык ж-а райондук юридикалык консультациялар бар. Коллегияга (республикалык, областтык ж. б.) мүчө адвокат СССРдеги бардык сот процесстерине катыша алат. Адвокаттар коллегиясынын жогорку органы — жалпы жыйналыш же конференция, ал коллегиянын составын аныктап, президиум шайлайт. Сов. А. граждандардын, ишканалардын, мекемелердин ж-а уюмдардын укуктарын ж-а закондуу кызыкчылыктарын коргоого ж-а соц. закондуулукту чыцдоого көмөк көрсөтөт.

АДГЕЗИЯ (лат. adhaesio — жабышуу) — катуу же суюк заттардын беттеринин бири бирине жабышышы. А. жабышкан аянт бирдигин ажыратууга кеткен салыштырма жумуш м-н өлчөнөт. Беттери өцүл-дөцүл катуу заттарда (тийишүү бети аз болгондуктан) А. анча бекем болбойт. Катуу зат м-н суюктуктун же аралашпаган эки суюктуктун беттери толук тийишкендиктен, А. бекем болот. Бекем А-ны алуу катуу заттарды жумшак же ийилгич абалында басым алдында жүргүзүлөт. Мис., резиналарды чаптоо, металлдарды муздак штампоо, гальваникалык каптоо. Заттын бетинде кычкыл же сульфид катмарынын пайда болушу да бекем А-ны түзөт. Металлдарды ширетүү, данакерлөө, кандоо, чайкоо, бетине лак жабуу, чаптоо иштери А-га негизделген.

АДДЕНДДЕР (лат. addo — кошомуң), **лиганддар** (лат. ligo — байлаймын) — химиялык *комплекстик бирикмелерде* борбордук атом (комплекс пайда кылгыч) м-н түздөн-түз байланышкан молекулалар же иондор. Мис., $[C_o(NH_3)_6]Cl_3$ бирикмесинде C_o — борб. атом, ал эми А.— NH_3 тобу.

АДДИС-АБЕБА (амхарча — жацы гүл) — Эфиопиянын админ., өз. ж. ж-а маданий борбор шаары. 1887-ж. негизделген. Эфиопия тайпак тоосунда, деңиз деңг. 2400 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 918,4 миң (1972). Шоссе жолдорунун тоому. Т. ж. аркылуу Жибути (Сомалиде) порту м-н байланышат. А.-А-да жеңил (кездеме токуу, бут кийим), тамак-аш (ун, май, эт-сүт), жыгач иштетүүчү ж-а курулуш материалдар ө. ж-ның ишканалары бар. Токуу, булгаары, керамика, металл ж-а жыгач буюмдарын жасоочу кол өнөрчүлүк өнүккөн. А.-А. аркылуу четке кофе, тери, дан, мал, бал ж. б. товарлар чыгарылат. Шаарда университет, Улуттук китепкана, тарых музейи, Улуттук театр, Эфиопистика ин-ту (1963) бар.

АДДИСОН ООРУСУ (morbis Addisoni) — бөйрөк үстүндөгү бездин өнөкөт ооруусу. Биринчи жолу 1855-ж. англ. врач Аддисон сыпаттап жазган. Көбүнчө 15—30 жаштагылар ооруйт. Оору тымызын башталып, узак убакка билинбейт. Бөйрөк үстүндөгү бездин кыртыш катмарынын атрофиясы, туберкулезу, шишиги ж-а амилоидозу А. оорусун пайда кылат. Бул оору кан басымын азайтып, организмде углевод м-н белоктун алмашуусун бузгандыктан, ооруluу алсыз келип, бат чаршайт да, арыктай баштайт. А. ооруусуна чалдыккан адамдын терисинде, тиш эттеринде, өзгөчө пигменттердин таасиринен коло түстүү так-

тар пайда болот. Ооруну дарылоодо гормоналдык препараттар колдонулат.

АДДИСОН Томас (1793—1860) — англиялык врач, клиницист ж-а патолог-анатом. Эдинбург мед. мектебин бүтүп, Лондондогу ооруканаларда иштейт. А. «Котон жара жөнүндө» атуу эмгеги үчүн мед. илиминин доктору (1815) деген наам алган. Ал өпкө оорулары (учук, сезгенүү ж. б.), аз кандуулуктан болчу оорулар ж-дө баалуу эмгектер жазган. Бөйрөк үстүндөгү бездин кыртыш катмарынын жетишсиз иштешинен пайда болуучу оорунун *(Аддисон оорусу)* ачып, ошондон улам аты чыккан.

АДДИТИВДИК (лат. *additivus* — кошулуучу) — бүтүн объектиге туура келген чоңдуктун мааниси, ошол объектинин тиешелүү бөлүктөрүнүн чоңдуктарынын маанилеринин суммасына барабар болушун туюнтуучу каспет. Мпс., көлөмдүн А-ги бүтүн нерсенин көлөмү аны түзүүчү бөлүктөрдүн көлөмдөрүнүн суммасына барабар экендигин көрсөтөт. А. касиетке сызыктын узундугу, беттин аянты, физ. нерсенин массасы ж. б. ээ болот.

АДЕКВАТТУУ (лат. adaequatus—дал келүүчү, бирдей) — тышкы дүйнөнүн биздин ак-сезимибизде туура чагылышы. В. И. Ленин «туюм — объективдик дүйнөнүн ...субъективдик образы», — деп көрсөткөн (Чыг., кырг. 1-басыл., 14-т., 125-б.). Бул субъективдүү образ объективдүү дүйнөнүн биздин ак-сезимдеги чагылышы болот да, озунун келип чыгышы, мазмуну б-ча объективдүү, б. а. биз, объект кандай болсо, аны дал ошондой туура, адекваттуу чагылтабыз. Г. В. Плеханов туюмду тышкы дүйнөнүн чагылышы, образы, көпчясы дебестен, аның белгиси, символу деп атаган. Символдор, иероглифтер теориясын В. И. Ленин *«Материализм жана эмпириокритицизмде»* катуу сындаган.

АДЕЛАИДА — Түш. Австралия штатынын борбору. Торренс д-нын жээгинде. Калкы 825,4 миң (шаар айланасы м-н, 1970). Өлкөнүн башкы деңиз портторунун бири, аба ж-а т. ж. тоому. Тамак-аш ж-а жеңил ө. ж-лары жакшы өнүккөн. А-нын айланасында авиация, химия, автомоб. артиллерия, нефть тазалоо з-ддору курулган. А. аркылуу сыртка жүн, эгин, жеміш, шарап чыгарылат. Банк, университет, консерватория, музейлер бар.

АДЕН — Йемен Элдик Демокр. респ-касынын борбору. Калкы 270 миң (1972). Араб деңизинин жээгиндеги маанилүү порт. Перси булуңундагы р-ндордон алынып келүүчү нефть иштелип чыгарылат. Эл аралык маанидеги аэропорт, кеме ондоочу з-д, кездеме токуу, консерва ж-а туз өндүрүүчү ишканалары бар. А. ч. (эгин, тамеки, пахта, булгаары ж-а тери), нефть продуктулары м-н соода жүргүзөт.

АДЕН БУЛУҢУ Араб ж-а Сомали ж. а-дарынын (араб деңизинде) ортосунан орун алган. Терең. 3680 *м* ге чейин. Кызыл деңиз м-н *Баб-Эль-Мандеб* кысыгы аркылуу туташып турат. Суткасына эки жолу ташкындоо (бийикт. 2,9 *м*) болот. Башкы порту — *Аден*.

АДЕНОВИРУС ООРУЛАРЫ — вирустардын чоң тобу (30га жакын түрү) козгой турган оорулар. Оору тамакта, кекиртекте, алкым бездеринде, көздүн чел ж-а ичеги карындын былжырлуу кабыктарында пайда болот. Сыркоо адамдар чүчкүргөндө, түкүргөндө А. о. таза адамдарга жугат. А. о-нын белгилери: адамдын башы ооруп, жөтөлүп, эти ысып, темп-расы көтөрүлүп, көңүлү айнып, куса баштайт. Дарылоодо *антибиотиктер, сульфаниламиддер* ж-а *витаминдер* колдонулат.

АДЕНОВИРУСТАР, к. *Вирустар*.

АДЕНОЗИН, $C_{10}H_{13}N_5O_4$ — аденин азотунун 9-атому, рибозанын 1-көмүртек атому м-н байланышкан нуклеозид. Мол. массасы 267,1, сууда эрүүчү түссүз кристалл. Начар негиздик касиетке ээ. Организмде негизинен кээ бир ферменттерде, аденозинфосфор ж-а нуклеин к-таларында кездешет. А. жүректүн иштешин күчөтөт.

АДЕНОЗИНФОСФОР КИСЛОТАЛАРЫ, нуклеотиддер — составында аденин, рибоза ж-а моно (АМФ), ди (АДФ) же три (АТФ) фосфор к-тасынын калдыктары бар аденозиндин моно, ди ж-а трифосфорлуу эфирлери. А. к. бардык организмде болот, зат ж-а энергия алмашууда алар маанилүү роль ойнойт, анткени фосфат группалары АМФга бириккенде, АДФ ж-а АТФти пайда кылып, энергия топтолот, ал эми АДФ ж-а АТФтен фосфат группалары ажыраганда, энергия бөлүнүп чыгып, ар кандай тиричилик процесстеринде керектелет. Клеткаларда АМФ, АДФ ж-а АТФтер өз ара бири бирине өтүп турат. Аденозинмонофосфор к-тасында (АМФ, аденил к-тасы) фосфор к-тасынын бир калдыгы болот, мол. м. 347,23. АМФ нуклеин к-таларынын составдык бөлүгүн түзүп, ферменттердин составына кирет. Аденозиндифосфор к-тасында (АДФ) фосфор к-тасынын эки калдыгы учурайт. Мол. м. 427,22. Фосфор к-тасынын калдыгын ферментациялык жол м-н ажыратууда АДФ АТФтен алынат. Аденозинтрифосфор к-тасы (АТФ) три фосфор к-тасынын калдыгын эсептеп турат. Мол. м. 507,21. Нуклеин к-талары биосинтездөө үчүн субстрат болуп эсептелет. Аденозинтрифосфатаза ферменттеринин таасири м-н АТФтен бир же эки фосфат группалары оңой ажырайт; мында АДФ же АМФ пайда болуп, энергия (ар бир фосфаттан 7—10 *ккал*) бөлүнүп чыгат. Фосфор к-тасынын калдыктары АМФ же АДФ кайра бириккенде, АТФ пайда кылып, жогорку энергияны топтойт. АТФтин динатрий ж-а монокальций туздарынын эритмеси, булчуң кичирейип кеткенде, жүрөк ж-а четки кан тамырлар кысылганда, аларды кеңейтүү үчүн пайдаланылат.

АДЕНОИДДЕР (гр. aden — без, eidos — түрү) — тамак ж-а кулкун бездеринин чоңоюшу. А. мурун м-н дем алууну кыйындатып, кулактын угуусун начарлатат, үнду бүтүрүп, оорулуунун жалпы абалын төмөндөтөт. Кулкун бези 12 жашка чейинки балдарда чоңоюп өсүп, 16—20 жашка чыканда, көлөмү кичирейип, ткандарынын калдыгы гана калат. А., көбүнчө 3—10 жашка чейинки балдардын жугуштуу ооруларынан ж-а жогорку дем алуу жолдорунун ар кандай сезгенүүлөрүнөн кийин пайда болот. А-ди өз убагында дарылабаса, өспүрүм балдардын бет сөөктөрүнүн туура эмес өсүшүнө шарт түзүлүп, формасын бузат. А-ди дарылоодо хирургиялык метод колдонулат.

АДЕНОКАРЦИНОМА (гр. aden — без ж-а karkinoma — коркунучтуу шишик) — бездүү ткандарда пайда болуучу рак шишиги. А. көбүнчө эмчекте, карын, ичеги ж-а жатындын былжырлуу челдеринде кездешет. А. тез өсүп, жанаша жайгашкан органдарга бачым таралат. А-ны айыктырууда оорунун түрүнө жараша шишикке каршы дарылар, радиоактивдүү изотоп нурлары, хирургиялык операция жолдору м-н айкалыш колдонулат, к. *Шишик*.

АДЕНОМА (гр. aden — без ж-а oma — шишик) — бездүү мүчөлөрдө (эмчекте, боордо, бөйрөктө, эркектин жыныс бездеринде) пайда болуучу коркунучсуз шишик. А. айыкпай көпкө созулган учурда коркунучтуу шишикке өткөрбөй операция жолу м-н алып таштоо керек.

АДЕНОМАТОЗ — жаныбарлар өпкөсүнүн шишик сымал өнөкөт ылаңы. А. бардык жерде кездешет. Үй, кой, жылкы, ит, чычкан, форелди ылаңдатат. Ылаңдын пайда болуу себептери али аныктала элек, бирок өзүнчө вирус козгойт деген божомол бар. Тышкы белгилерине (энтигүү, жоткүрүү ж. б.) караганда өпкөнүн кагынына окшош. Дарылоо ж-а алдын алуу чаралары иштелип чыга элек.

АДЕПТҮҮЛУК — адамдын жүрүш-туруш нормасын аныктоочу моралдык эреже ж-дегу этикалык түшүнүк. Моралдык нормалар м-н принциптер таптык мүнөздө болгондуктан, А. да таптык мааниге ээ. Сылыктык, сыпайыгерчилик, кичи пейилдик, уяттуулук сыяктуу түшүнүктөр А-ко жакын. Алар бир жагынан А-тун ичине кирип, бири бирин толуктайт. Бирок алар маанилеш эмес. Ар биринин өзүмдүк өзгочөлүктөрү ж-а мааниси бар. А. маданияттуу жүрүш-туруштун тышкы көрүнүшү катары коомдук ж-а жекече турмуштагы жүрүм-турумдун эрежелерин, өз-ара мамилелерин сактоого багытталат. Бурж. ж-а диний А. зордук-зомбулукка, коркутууга, алдоого негизделген. Улуу-кичүүнү урматтоо ж-а сыйлоо сыяктуу жатык мүнөздүүлүк башка элдердей эле кыргыздарда да А. үлгүсү катары жогору бааланган. Азыр деле негизинен ошол мааниде колдонулат. Коммунисттик А-тун негизги талабы — коммунизмдин моралдык идеалдары м-н нормаларына коомдун мүчөлөрүн толук ынандырып, аның принциптерин кыйшаюусуз орундоо.

АДЕПТҮҮЛУККӨ ТАРБИЯЛОО — коомдогу адамдардын моралдык ак-сезиминин максатка жараша калыптанышы, ак-сезимдин ызаттуулук жактан өсүшү, жүрүм-турум м-н коомуштөрдүн пайда болушу. О. эле эзелтен келе жаткан өз алдынча үрп-адаттарынын прогрессивдүү үлгүлөрүн сактоо, байытуу, башка улуттардын кулк-мүнөзүн үйрөнүү, салтын урматтоо ж-а аларга сезгичтик м-н мамиле кылууга тарбиялоо. Сов. мектептерде А. т. коммунизмдин идеясынын духунда ишке ашырылат, б. а., патриоттуулукка, пролет. интернационализмге, эмгекке ж-а коомдук мүлккө коммунисттерче мамиле кылууга, соц. гуманизмге, достукка, чынчылдыкка, адилеттүүлүккө, коллективизмге, ар ким өзүнүн жүрүш-турушуна сын көз м-н кароого ж-а башкалардын кемчиликтерин адилет сындоого негизделет. Адептүүлүк — адамдын эркин м-н духовный байлыктарынын шайкеш келиши, коомдук ак-сезимдин өң маанилүү формасы. Адам өмүр бою тарбияланып ташталанат, ошентсе да, тарбиянын башаты, калыптануусу, жүрүш-туруштун тигил же бул эрежелерине үйрөнүүсү, негизинен балалык, өспүрүм кезинен башталат. Мезгил өткөн сайын бул адат өркүндөп-өөрчүй берет. Ар бир коомдун өзүнүн социалдык түзүлүшүнө карата адептүүлүктүн өз эрежелери бар. Марксчик-ленинчик мораль ж-дегу окуу коммунисттик адептүүлүктүн идеялык негизи болуп эсептелет. Ал эми антагонисттик тапка бөлүнгөн коомдо тарбия эзүүчүлөр ж-а эзилүүчүлөр болуп, эки тармакта ж-а эки максатта жүргүзүлөт.

АДЖАНТА — Бат. Индияда Аурангабаддын түн.-бат. жагындагы Махаштра штатындагы калктуу жай. А. б. з. ч. 2-к-дан, биздин замандын 7-к-нын аралыгында аска ташка чегилген бүтканалардын үңкүрлүү бөлмөлөрүнөн турган комплекс. А. комплекси айбанаттар м-н өсүмдүктөр дүйнөсүнөн буддалык уламыштардан алынган мотивдер м-н кооздолуп, скульптура м-н архитектуранын бирдиктүү айкалышынан турат. А-дагы кайталанбас оймочиймелер турмуштук байкоолорго, өткүр фантазияга ж-а композициялык көркомдукка бай кооздоолору м-н Индиянын ошол кездеги көп жактуу турмушун чагылдырат.



Аджанта. Фрескалык сүрөттөн фрагмент.



АДЖАР АВТОНОМИЯЛУУ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ, Аджария ГССРдин составында 1921-ж. 16-июлда түзүлгөн. Аянты 3 миң км². Калкы 338 миң (1975, 1-янв.). А-да 5 район, 2 шаар, 6 шаар тибиндеги посёлок бар. Борбору — Батуми.

Мамлекеттик түзүлүшү. Аджар АССРи — ГССРдин составындагы жумушчу дыйкандардын соц. мамлекети, Автономиялуу Советтик Социалисттик Республика. Конституциясы 1937-ж. 25-октябрда Бүткүл Аджария Советтеринин 12-съездинде кабыл алынган. Мамл. бийликтин жогорку органы — Аджар АССР Жог. Совети (Жог. Советке ар 3 миң киши ден 1 депутат 4 жылдык мөөнөткө шайланат). Жогорку Совет респ-канын Министрлер Советин түзөт. Эмгекчилер депутаттарынын шаардык, райондук, посёлоктук ж-а селолук Советтери Аджар АССРинин мамл. бийлигинин жерг. органдары болуп саналат.

Табияты. А. Закавказьенин түш.-батышында орун алган. Деңиз боюнда респ-каны аралап Колхида ойдуңунун ичке тилкеси созулуп жатат. Деңиз жээги м-н тоо этектеринин климаты жылуу ж-а нымдуу субтропиктик, тоолуу р-ндорунда нымдуу, мелүүн ж-а суук. Январдын орточо темп-расы деңиз жээктеринде 4—6°, тоолорунда 2—2°С, июлда 22—23° ж-а 20—16°С. Жылдык жаан-чачын 2400—3000 *мм*. Ири дарыялары: Чорох ж-а Аджарисцкали. Ойдуңдуу аймактарда аллювиалдуу ж-а саз топурактар таралган. Жеринин 50% токойлуу. Деңиз жээктеринде ж-а тоо этектеринде субтропиктик, тех. дан эгиндер ж-а көп жылдык осүмдүктөр айдалат. Тоодогу токойлордо суусар, каман, күрөң аюу, кавказ бугусу кездешет. Цискари, Кинтриши коруктары бар.

Калкы. Негизинен *аджарлар*, грузиндер (70%) ж-а дагы башка ар түрдүү улуттар (орус 11,6%, армян 5,0%) жашайт. Калктын 44,2% шаарда, 55,8% айылда турат. А-да калктын орточо жышт. 1 км² жерге 103,2 киши (1969). Шаарлары: Батуми, Кобулети.

Тарыхый очерки. А. — Грузиянын эзелки аймактарынын бири. Б. з. ч. 6—4-к-да Колхида падышалыгынын, кийинчерээк Иберия падышалыгынын, б. з. 4-к-да грузиндердин мамл. бирикмесинин — Лазикалын бир бөлүгү болгон. 9-к-да Тао — Кларджети княздыгынын, 10-к-дан бириккен феод. Грузия падышалыгынын составына кирген. 11—13-к-да А. селжуктар м-н татар-монгол баскынчыларынын коластында калган. 16-к-дын 2-жарымында А-ны түркөр басып алган. Аджар эли өз эркиндиги үчүн түркөрго каршы бир нече жолу (1680—1685, 1697, 1744, 1819, 1856) көтөрүлүшкө чыккан. 1877—78-ж-дагы Россия-Түркия согушунан соң, А. кайта Грузияга кошулган. 19-к-дын 80-ж-дарынан баштап Батуми ш. Кавказдагы о. ж. борборлорунун бирине айланат. Жумушчулардын жашырын кружоктору иштей баштайт. 1-орус рев-ясы убагында Батуминин пролетариаты куралдуу көтөрүлүшкө чыккан. 1917-ж. ноябрда А-да Закавказье комиссариаты деген контррев-лык өкмөт түзүлгөн. 1918-ж. 15-апрелде Батуминин түркөр басып алган. Ошол жылдын декабрынан 1920-ж-дын июлуна чейин А. Англия аскерлеринин кол астында болгон. 1921-ж. 18-мартта А-да Совет бийлиги орноду. 1921-ж. июлда Грузиянын составын-

Бамбук токою.





Чай плантациясы.

да А. АССРи жарылланды. Согуштун алдындагы беш жылдыктарда А-да соц. ө. ж-ы ж-а а. ч-сы түзүлүп өнүккөн. Маданий рев-л турмушка ийгиликтүү ашырылган. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында А-ның эмгекчилеринен 19 207 киши ордендер ж-а медалдар м-н сыйланды, 5 киши Сов. Союз. Баатыры деген наам берилди. Согуштан кийинки жылдарда А-ның экономикасы ж-а маданияты ылдам темп м-н өнүкту. 1967-ж. эл чарбасындагы ж-а маданий курулуштагы жетишкендиктери үчүн А. Ленин ордени м-н сыйланды. 1971-ж. 15-июлда Октябрь Революциясы ордени ж-а 1972-ж. 29-декабрда Элдердин достугу ордени м-н сыйланды.

Эл чарбасы. А-да негизинен чай, цитрус өсүмдүктөрүн өстүрүү ж-а аларды кайра иштеп чыгаруучу ө. ж-лары, о. эле нефтини кайра иштетүү, машина куруу ө. ж-лары ж-а курорт чарбасы өнүккөн. Негизги ө. ж. ишканалары Батуми ш-на топтолгон (электр тех. з-ддор, кеме куруу, хим.-фармацевтикалык ишканалар ж. б.). Чайдын түрлөрүн, тамеки, цитрус консервасын, жемиш ширелерин чыгаруучу тамак-аш ө. ж-лары өнүккөн. А. ч-да көп жылдык өсүмдүктөр басымдуулук кылат. Мал чарбасында уй, кой басымдуу. А-да үй куштарын багуу ж-а аарычылык, жибекчилик да жакшы өнүккөн. Транспорттун бардык (деңиз, т. ж., автомоб., аба ж. б.) түрү бар.

Саламаттык сактоо. Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин 100 орундуу 1 оорукана, 9 врач болгон. 1972-ж. январда 1449 врач, 4524 орто билимдүү мед. кызматкер, 4660 койкалуу 57 оорукана, 116 амбулатория ж-а поликлиника, 3368 койкалуу 14 санаторий, 9529 койкалуу 28 эс алуу үйү ж-а пансионаттар иштеген. Белгилүү курорттору: Батуми, Кобулети, Цихисдзири, Махинджаури ж. б.

Элге билим берүү, маданий-агартуу ж-а илимий мекемелери. А-да (1971) мектепке чейинки 110 мекеме, жалпы билим берүүчү ар кыл 437 мектеп, 8 атайын орто окуу жайы, 16 мектептен тышкары мекеме, 1 вуз ж-а 11 илимий мекеме (300 илимий кызматкер, асыресе илимдердин 7 доктору, 103 кандидаты) болгон. 256 массалык китепкана (1712 миң даана китеп, журнал), 2 музей, 193 клуб мекемеси, 220 киноустановка иштейт.

Басма сөз, радио угузуу, теле көрсөтүү. 1972-ж. «Сабчота Аджара» («Советтик Аджария») басмасы 46 китеп, брошюра жалпы тиражы 189 миң нускада чыгарган. Респ-када 2 газета: «Сабчота Аджара» (1921) грузин тилинде, «Советская Аджария» (1921) орус тилинде чыгарылат. Радио угузуу грузин, орус тилинде жүргүзүлөт. Теле көрсөтүү ж-а радио угузуу Москва ж-а Тбилисиден алынат.

Адабияты ж-а искусствосу. А.— адабияты грузин адабиятынын бир бөлүгү. 1927-ж. Грузин пролет. жазуучулар ассоциациясында аджар бөлүмү уюшулган. Грузин совет адабиятынын өсүшүнө М. Варшанидзе, Д. Джакели, П. Лория ж. б. аджар жазуучулары өз үлүштөрүн кошту.

А. жеринде феод. доорго чейинки архит. эстеликтерден (Гонца чеби) 10—13-к-дагы Тамарисцихе чеби, Схалте чиркөөсү ж-а бир канча көпөрөлөр сакталып калган. 19-к-дын аягы 20-к-дын башында жандана баштаган курулуш иштер совет бийлигинин жылдарында жолго коюлду. Батумиде «Интурист» мейманканасы (1939, арх. А. В. Шусев), жайкы театр (1948, арх. К. Жавахишвили) ж. б. жаңы типтеги шаар, турак үйлөр курулду. Профессионалдуу сүрөт өнөрү 20-к-дан тартып жолго коюлат. Тарыхый рев-ялык темадагы сүрөттөр, портрет, скульптура пайда болот, театр жасалгалоо ж-а прикладдык өнөр өнүгөт. Элдик ырлары — Грузиянын элдик музыкасынын көп кырдуу диалектисинин бир бөлүгү. Ал көп үндүү. Төрт үндүү эмгек ыры «Надури» өзгөчө белгилүү. Муз. аспаптарга чибони, чонгури, доли, чианури, саламури, кеменча ж. б. кирет. Батумиде М. Кухнидзе атн. (1921) мамл. бир-а бий ансамбли м-н филармониясы (1921) бар.

1937-ж. Батумиде И. Чавчавадзе атн. театр ачылган. К. Гуцковдун «Уриэль Акоста» (1941), Важа-Пшавеланын «Айдалган киши» (1945), У. Шекспирдин «Гамлет» (1956), «Отелло» (1959), Софоклдун «Падыша Эдип» (1963) ж. б. көрүнүктүү спектаклдер коюлган. Театр труппасында ГССРдин эл артисттери Ю. О. Кобаладзе, М. М. Хиникадзе, Н. У. Тетрадзе ж. б-лар иштешкен.

Ад.: Грузия, М., 1967 (серия «Советский Союз»); Нижарадзе Н., Советская Аджария. Экономико-географическая характеристика, Батуми, 1961; История Грузии, т. 1, Тб., 1962; Френкель А. С., Очерки Чурук-Сую и Батума, Тифлис, 1879; Революционные комитеты Аджарии в борьбе за становление и упрочение Советской власти (март 1931—янв. 1922). Сб. документов и материалов, Сухуми, 1963.

АДЖАРЛАР, аджарели — Аджар АССРинде жашаган грузиндердин этногр. группасы. Алар грузин тилинде сүйлөшөт. Түрктөрдүн үстөмдүгү мезгилинде (16-к.) ислам динине киришкен. Мурун христиан дининде болушкан. К. *Аджар АССРи ж-а Грузин ССРи.*

АДЖЕМЯН Вартан Мкртичевич (1905-ж. т.) — армян совет режиссёру, СССР эл артисти (1965). 1946-ж-дан КПССтин мүчөсү. Армян драма студиясын, Пролеткульттун (Москва) алдындагы режиссёрлор курсун бүткөн. Ленинакан театрын (1928, азыр Мравян атн. театр) уюштуруп, 1938-ж-га чейин ага көркөм жетекчи болгон. 1943—47-ж. ушул эле кызматта кайрадан иштеген. 1939-ж-дан Сундукян атн. (Ереван) театрдын режиссёру, 1953-ж-дан башкы режиссёр. Койгон спектаклдери: Горькийдин «Түнкүрдө» (1932), Шекспирдин «Он экинчи түн» (1944), Фадеев б-ча «Жаш гвардия» (1947), Ширванзаде б-ча «Баш аламан» (1959), Сароянның «Жүрөгүм менин тоолордо» (1961) ж. б. А. 1944-ж-дан Ереван көркөм театр ин-тунда педагог. СССР Мамл. сыйлыгын алган (1951). Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

АДЖЕРПРЁС — Румыниянын Бухарестеги басма сөз агентствосу. 1949-ж. Министрлер Советинин алдында уюшулган. Басма сөздү ички, тышкы кабарлар м-н камсыз кылып, Румыниянын саясий, экон., маданий турмушу ж-дө чет өлкөлөргө орус, француз, немец, англис, испан тилдеринде маалымат берип турат. 1949-ж-дан бери айына эки жолу «Румыния. Документтер, макалалар, информациялар» деген бюллетень чыгарат.

АДИАБАТАЛЫК ПРОЦЁСС—айланачөйрө м-н жылуулукту алмаштырбастан жүргүзүлүүчү физ. системадагы термодинамикалык процесс. А. п-тин жүрүшү үчүн системаны жылуулук өткөрбөгөн кабыкча м-н капоо керек. Жаратылышта жылуулукту таптакыр өткөрбөй турган материалдар жок болгондуктан, абс. тактыкта жүргүзүлүүчү А. п-тин болушу мүмкүн эмес. Бирок система айлана-чөйрө м-н жылуулук алмашууга үлгүрбөй эң аз убакыт ичинде өтүүчү процесстер А. п. катары каралат.

АДИЛЕТ ПАРТИЯСЫ — Турциядагы саясий партия. 1960-ж. Турциядагы Демокр. партия таркатылган соң, 1961-ж. анын тарапкерлеринин бир тобу А. п-н түзүшкөн. Ал 1965—71-ж. ж-а 1975-жылдын мартынан тартып башкаруучу партия. Анын жетекчиси — Демирель Сулейман.

АДИЛЕТТҮҮЛУК — байыркы замандан бери келе жаткан социалдык моралдык принцип ж-а норма. А. мүлк ээлөөчүлүктүн, теңсиздиктин ж-а коомдун таптарга бөлүнүшүнүн натыйжасында келип чыккан, ал теңсиздикти жок кылууга умтулуунун көрсөтөт. А.— белгилүү экон. мамилелерге негизделген үрп-адатты, закондорду, эрежелерди, мамлекеттердин, элдердин, айрым адамдардын ин аракеттерин көрсөтүүчү моралдык-укуктук норма. Тарыхый өнүгүүдө коомдук мамилелердин өзгөрүшүнө байланыштуу А. түшүнүгү да өзгөрүп турат. Алгачкы коомдо А. теңдик, теңболуу маанисинде болгон. Байыркы гректер А-түн кудайы Фемиданын таразасын А-түн белгиси катарында санаган. Жеке менчик м-н таптардын пайда болушуна байланыштуу А. таптык маанияге ээ болот. Кул ээлөөчүлүк коомдо бироонун кул болуп же үстөмдүк кылуучу таптын адамдарының буйругу м-н өлтүрүлүшү же мал ордуна айырбашталышы да кул ээлөөчүлөр үчүн «адилеттүү» ин болуп саналат. Феодализм тушунда үстөмдүк кылуучу тап коомдун, жаратылыштын бардык байлыктарын өз колуна жыйнап алып, крепостной дыйкандарды көз каранды кылып, аларга кордук көрсөтүп, зордук кылышкан. Бирок муну байлар м-н феодалдар адилетсиздик деп санашкан эмес. Илгерки кыргыз турмушундагы *барымта,* кун, калың берүү, көп аял алуучулук да социалдык адилетсиздиктин түрлөрү болгон. Таптык коомдо чыныгы маанисиндеги А-түн болушу ин жүзүндө мүмкүн эмес. Эксплуататордук таптар жоюлган социализм доорунда ж-а аның жогорку фазасы коммунизмде гана А-түн принциби м-н нормасын толук жүзөго ашырууга мүмкүн болот.

АДИНАМИЯ (гр. adynamia — алсыздык) — күч-кубаттын кескин төмөндөшү. А. организмди жабыркатып, узакка созулуучу жугуштуу оорулардын, ачкачылыктын ж-а өтө уулануулардын убагында байкалат.

АДИПИН КИСЛОТАСЫ, $HOOC(CH_2)_4COOH$ — эки негиздүү органикалык кислота, түссүз кристаллдар, эрүү t 149—150°C; этил спиртинде ж-а сууда жакшы эрийт. Ал циклогексанонду азот к-тасы же абадагы кычкылтек м-н кычкылдандыруудан алынат. Мында катализатор катарында марганецтин туздары катышат. А. к.— нейлон буласын алууда негизги продуктулардын бирөө. Анын эфирлери майлагыч май ж-а пластификатор катарында колдонулат.

АДИСТЕШТИРИЛГЕН СООДА — айрым бир же бир өңчөй товарлар м-н соода кылуу. А. с. бир өңчөй товарлардын ассортиментин көбөйтүүгө, өздөрүнө зарыл товарды сатып алуучулардын тандап алышына ыңгайлуу шарт түзүп, калктын ошол товарды керектешин терең изилдеп, ө. ж. ишканаларында көбүрөөк чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. СССРде адистештирилген дүң ж-а чекене сооданы СССРдин ж-а союздук респ-калардын соода мин-волорунун, керек-жарак кооперациясынын адистештирилген дүкөндөрү, эмгекчилер депутаттарынын советтеринин атком доруна караштуу А. с. тармактары, маданият мин-восунун китеп соодасы, саламаттык сактоо мин-восунун аптека тармактары ишке ашырат. Кыргызстанда 1960-ж. соода мин-восунун карамагында 875 адистештирилген дүкөн болсо, 1970-ж. анын саны 1441 ге жеткен.

АДМИНИСТРАТИВДИК ЖООПКЕРЧИЛИК — кылмыш жасаганга караганда коомдук опурталдуулугу азыраак, укук тартибин бузгандыгы үчүн граждандын же кызмат адамынын мамлекет алдындагы жоопкерчилиги. Жаза колдонуучу админ. орган м-н укук нормасын бузуучу жактын ортосунда кызмат жагынан баш пийүү мамилелери болбоого тийиш. А. ж. дисциплинарлык жоопкерчиликтен ушул шарты м-н айырмаланат. СССРде 16 жаштан жогоркулар А. ж-ке тартылышы мүмкүн. А. ж-ке тартуу эрежелери СССРдин ж-а союздук республикалардын мамл. бийликтеринин жогорку органдары тарабынан бекитилет. Жерг. советтер да кээ бир маселелер б-ча А. ж-ке тартуу ж-дө милдеттүү чечимдерди кабыл алууга акылуу.

АДМИНИСТРАТИВДИК КОМИССИЯ — СССРде эмгекчилер депутаттар Советинин райондук (шаардык) аткомунун алдындагы коллегиялуу орган. Анын функциясына админ. тартипти бузгандын ишин талдап-текшерүү, админ. жаза же башка чара көрүү иштери кирет. А. к. админ. чара катары эскертүү, штраф салуу ж. б. жазаны колдоно алат. Берилген жаза ж-дө А. к. ал кишинин иштеген, окуган же жашаган жерине билдирет. А. к. иши жазакердин көзүнчө карайт. Жазакер мурда эскертилип, бирок себепсиз келбей калса, А. к. иши сыртынан деле карай берет. А. к. карап жаткан ишке зарыл маалыматтарды уюмдардан, ишканалардан, мекемелерден талап кылууга, күбөлөрдү, мамл. коомдук уюмдардын өкүлдөрүн чакыруурга акылуу. А. к-нын токтому көпчүлүк добуш м-н кабыл алынып, ага иши караган комиссиянын председатели ж-а мүчөлөрү кол коёт.

АДМИНИСТРАТИВДИК ПРОТОКОЛ — укук нормаларында көрсөтүлгөн коомдук тартипти бузуучу кишини админ. жоопко тартуу максатында түзүлгөн официалдуу акт. А. п. мамл. полномочиеси бар адамдар (милиция кызматкерлери, соода, сан. ж-а тех. инспекторлор) же коомдук уюмдардын өкүлдөрү (коомдук контролёр, дружинниктер) тарабынан түзүлөт. А. п-го аны жазган ж-а админ. укук тартибин бузган киши кол коёт. Күнөөлүү кишиге жаза колдонуу үчүн А. п. тиешелүү админ. комиссияга жөнөтүлөт.

АДМИНИСТРАТИВДИК САНКЦИЯ— админ. укукту бузуучу адамга колдонула турган мамл. мажбурлоо чарасы. А. с.— закондун зарыл элементи, ал демейде закондун өзүндө жазылат. Эгер анда көрсөтүлбөсө, тийиштүү санкция башка укук нормасында айтылат. А. с. аркылуу сов. закон адамды мажбурлоо гана эмес, тарбиялоо максатын да көздөйт. Бул коомдук уяткаруу, жоопкерчиликти чектөө, адамды эркинен ажыратпастан түзөтүү-эмгек жумуштарына киргизүү сыяктуу А. с-лардан ачык көрүнөт.

АДМИНИСТРАТИВДИК - ТЕРРИТОРИЯЛЫК ТҮЗҮЛҮШ — мамлекет территориясының областтарга, губернияларга, райондорго д. у. с-га бөлүнүшү. Ар кандай мамлекеттин админ.-терр-ялык түзүлүшү, мамлекеттин таптык мүнөзүнө, милдеттерине, функцияларына байланыштуу болот. Аның максаты — бүткүл мамл. механизмди, ботөнчө мамл. бийликтин жерг. органдарының системасын эффективдүү уюштуруу. СССРде область, край, округ, район, шаар, село, посёлок, кыштак негизги админ.-терр-ялык бирдиктер болуп саналат. Кырг. ССРиндеги область, район, шаар, посёлок, село, айыл, кыштак — негизги админ.-терр-ялык бөлүнүш. Кырг. ССРинде админ.-терр-ялык өзгөрүүлөрдү киргизүүнү респ-канын Жогорку Советинин Президиуму чечет, ал тууралуу Указ Жогорку Советтин сессиясында бекитилет. Кырг. ССРинин макулдугу болмоюнча аның терр-ясынын өзгөрүлүшү мүмкүн эмес.

АДМИНИСТРАТИВДИК УКУК — советтик укуктун мамл. башкаруу жагындагы коомдук мамилелерди жөнгө салуучу тармагы. А. у. нормалары мамл. башкаруу аппараттарының ин тартибин, башкаруунун борб. ж-а жерг. органдарының компетенцияларын, кызмат адамдарының милдеттерин, башкаруу органдары м-н граждандардын ортосундагы өз ара мамилелерди аныктайт; о. эле башкарууга тийиштүү актыларды чыгаруу; админ. мажбурлоо чараларын практикада колдонуу тартибин теске салат. А. у. нормасын колдонуу процессинде мамл. башкаруу органдары м-н мамл. тийиштүү органдардын коомдук уюмдар ж-а граждандардын ортосунда админ. укук мамилелери келип чыгат. Бул мамилелер б-ча чыккан талаш-тартыштар админ. тартипте, б. а. башкаруунун жогору турган органдары же ушул максатта атайын түзүлүүчү мамл. орган тарабынан чечилет. Соц. өлкөлөрдө А. у.— соц. укуктун өз алдынча тармагы. А. у-тун нормалары граждандардын конституцияда гарантияланган саясий ж-а социалдык-экон. укуктарын ин жүзүнө ашыруунун камсыз кылат.

АДМИНИСТРАТИВДИК ЧАРА — админ. укук нормаларын бузуучуларга карата мамлекеттин полномочиелүү органы же кызмат адамы тарабынан законго ылайык колдонулган админ. жаза. Сов. закондо тартип бузгандын айыбынын даражасына ылайык ж-а башка кырдаалдар эске алынып, А. ч-ны колдонуу мүмкүндүгүн берген бир катар система каралган. Алар: эскертүү, эл алдында уяткаруу, штраф, түзөтүү-эмгек жумуштары (эл сотунун чечими б-ча).

АДМИНИСТРАЦИЯ (лат. administratio — башкаруу) — СССРде ишканалардын, мекемелердин же уюмдардын, б. а. мамл. органдардын же

коомдук уюмдардын башында туруп күндөлүк башкаруу ишин алып баруучу жетекчилер. А-нын укуктары ж-а милдеттери СССРдин, союздук ж-а автономиялуу респ-калардын Конституцияларында ж-а закондорунда (уставдарда, жоболордо) белгиленет.

АДМИРАЛ [голл. admiraal, ар. амир аль (бахр) — деңизде бийлик кылуучу] — аскер-деңиз флотундагы аскердик наам. Россияга Петр I тарабынан киргизилген. Сов. АДФта Сов. Союзунун флот. адмиралы, флот адмиралы, контр-адмирал, вице-адмирал, адмирал, инженер-контр-адмирал, инженер-вице-адмирал ж-а инженер-адмирал деген наамдар бар.

АДМИРАЛТЕЙСТВО — 1) деңиздеги айрым бир согуш майданы үчүн кемелер кура турган жай. 17—19-к-да А. Россиянын бир катар шаарларында болгон. А. гавандарда, порттордо, дарыялардын кеме түшүрүүгө ыктуу кашаттарында курулган. Мис., Петербургдагы Башкы А. Нева суусунун сол жээгинен орун алган. 2) Ленинграддагы имарат — орус ж-а дүйнө архитектурасынын мыкты чыгармасы. 1704-ж. кеме жасоочу жай катары Петр I курдурган. Имаратты курууга 1727—38-ж-да арх. И. К. Коробов, 1806—23-ж-да арх. А. Д. Захаров көп күч жумшаган. Бу монументтүү имарат — Ленинграддын архит. композициясынын чордону, шаардын санжыргасы. Аны Ф. Ф. Щедрин, И. И. Теребенев өңдүү скульпторлордун чыгармалары көркүнө чыгарып турат. 3) Улуу Британияда деңиз аскер күчтөрүн башкаруучу жогорку орган.

АДН — ГДРдин Берлиндеги информациялык телеграф агентствосу. 1946-ж. негизделген. 38 ден ашык өлкөдө атайын кабарчысы бар. Чет өлкөлөрдөгү 48 информациялык агентство м-н кат-кабар алмашуу ж-дөгү келишими бар. 30 дан ашуун өлкөгө күндөлүк радио берүүлөрдү таратат. АДНдин фото тейлөөсү (Центральбильд) 45 өлкөдөн фотоматериал алып турат.

АДОНИЗИД (Adonisdum) — адонис өсүмдүгүнөн алынып, кошунду заттардан тазартылган жаңы препарат. Составында глюкозиддер бар. Жүрөктүн иш-аракети начарлаганда ж-а жүрөк кан-тамыр невроздорунда берилет. Тамчылатып ичилет, венага ж-а тери астына куюлат. Ампулада (1 *мл*) ж-а флакондо (15 *мл*) чыгарылат.

АДОРАТСКИЙ Владимир Викторович [7(19). 8. 1878—5. 6. 1945] — Коммунисттик партиянын ишмери, тарыхчы, философ, СССР ИАнын академиги (1932). Казанда туулган. Казан ун-тинин юридикалык ф-тетин бүтүргөн. Рев-ялык кыймылга (1900) катышкан. 1904-ж-дан Компартиянын мүчөсү. 1905-ж. камакка алынып, Астрахань губ-сына сүргүнгө барат, 1906-ж. чет өлкөгө айдалат, В. И. Лениндин тапшырмаларын аткарат. Окт. рев-ясынан кийин 1920—29-ж-дан Борб. архив башкармасынын башчысынын орун басары, 1928-ж. ВКП(б) БКнын алдындагы Ленин ин-тунун дирекциясынын мүчөсү. 1931—39-ж. Маркс-Энгельс-Ленин (МЭЛ) ин-тунун директору, СССР ИАнын Филос. ин-тунун жетекчиси. 1939-ж. МЭЛ ин-тунун башкы редактору. Партиянын 16, 17, 18-съезддеринин делегаты. Марксизм-ленинизмди үйрөнүү б-ча бир катар илимий эмгектердин автору.

АДРЕНАЛИН (лат. ad — жанында, renalis — бөйрөктүн) — адам м-н жаныбарлар организминин тиричилик аракетинде негизги роль аткаруучу бөйрөк үстүндөгү безден иштелип чыгуучу гормон. Хим. формуласы $C_9H_{13}O_3N$, мол. массасы 188,2. Кислоталар м-н жегичтерде жакшы эрий турган ак түстөгү кристалл. А. 1901-ж. ачылып, 1905-ж. синтезделип алынган. А. кандын басымы төмөндөгөндө, *бронхиалдык астма* ж-а аллергия ооруларын дарылоодо колдонулат.

АДРЕС (т е х н и к а д а) — электрондук эсептегич машинада (ЭЭМ) информациянын ээлеген ордун аныктоочу *код. Информация* сакталуучу чөнөктүн номерине туура келүүчү конкреттүү код — ч ы н ы г ы А., атайы тандалып алынган чөнөктөн баштап саналгандагы чөнөгүнүн номери с а л ы ш т ы р м а л у у А. делинет. Программалоодо ыңгайлуу болсун үчүн колдонулган А-тин шарттуу белгилениши — с и м в о л д у к А., дешифраторго өтүүчү А. — а т к а р у у ч у А., ЭЭМдин эсте туткучунан команданын составына чыгарылуучу А. а л г а ч к ы же жөн эле А. деп аталат.

АДРЕСТҮҮЛҮК (Э Э М д е) — электрондук эсептегич машинанын командасындагы адрестердин саны. А. аткарылып жаткан операциялардын байланыштуулугуна ж-а мүнөзүнө, машинанын разряддык торунуй узундугуна, оперативдүү эске тутуучу түзүлүштүн сыйымдуулугуна ж-а структурасына жараша аныкталат. Адрестердин саны б-ча командалар бир адрестүү, көп адрестүү ж-а адрессиз болуп бөлүнөт. Машиналардын А-гү турактуу ж-а өзгөрмө болуп айырмаланат. Т у р а к т у у А-тө командалардын кодундагы адрестердин саны өзгөрүлбөйт. Ө з г ө р м ө А-төгү машинада эсептөө учурунда 4 адрестүү команданын системасынан 3 адрестүү команданын системасына өтүү мүмкүн болот.

АДРИАН Публий Элий (76—138) — *Антониндер* династиясынан чыккан Рим императору (117—138). А. мамл. мекемелерди борбордоштуруп ж-а императордун бийлигин күчөткөн. А. өзү провинцияларды башкарууну контролго алган, аскерлерди инспекциялаган. Провинциялык кул ээлерин өзүнө тартып, шаардык советтерди колдоп турган. А. империянын чек араларына бекемделген чептерди ж-а коргонуу сепилдерин курдурган.

АДРИАНОПОЛЬ ТЫНЧТЫК ДОГОВОРУ (1829) Россия м-н Түркиянын ортосундагы согушту (1828—29-ж.) бүтүргөн. Ага 2 (14)-сентябрда Адрианополь ш-да кол коюлган. А. т. д. б-ча Дунайдын чаты аралдары м-н, Кара деңиздин бүт Кавказ жак жээги, Кубань д-нын чатынан Аджариянын түн. чегине чейин, о. эле Ахалкалаки ж-а Ахалцик чептери чет-жакасы м-н Россияга өткөн; Грузиянын, Имеретиянын, Мегрелиянын ж-а Эриван, Нахичевань хандыктарынын Россияга кошулушу ырасталган, орустардын ж-а чет өлкөлөрдүн соода кемелери Босфор м-н Дарданелл аркылуу эркин өтүшүнө Турция макулдук берген. Дунай княздыктары (Молдавия ж-а Валахия) автономияга ээ болушкан. А. т. д. орус дипломатиясынын ири жеңиши эле. Ал Кара деңиз боюнда сооданын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүп, Закавказьенин негизги терр-яларын Россияга кошуп бүткөн; Молдавия, Греция, Валахия ж-а Сербия элдери Осмон империясынын ээзүүсүнөн бошонгонго объективдүү өбөлгө түзгөн.

АДРИЯ ДЕҢИЗИ — Жер Ортолук деңизинин бир бөлүгү. Апеннин ж-а Балкан ж. а-дарынын ортосунан орун алган. Отранто кысыгы аркылуу Иония деңизи м-н туташат. Кургактыкка 796 *км* кирип турат, туурасы 93—222 *км*, аянты 132 миң $км^2$. Түн. жагы тайыз, түштүгү терең (1589 *м*). Үч тарабынан кургактык курчап жаткандыктан, климаты Жер Ортолук деңизинин климатынан айырмалуу. Суунун темп-расы: февралда түндүгүндө 7°, түштүгүндө 13—14°, августта 24—26°С. Туздуулугу: түндүгүндө 30—35‰, түштүгүндө 38‰ ге чейин. А. д-де балык уулоо өнүккөн (сардин, скумбрия ж. б.). Маанилүү порттору: Триест, Венеция, Анкона, Бари, Бриндизи (Италия), Риека, Шибеник, Сплит, Дубровник, Котор (Югославия), Дуррес, Влёра (Албания).

АДСОРБЦИЯ (лат. ad — үстүнө, sorbeo — соруу, сиңирүү) — эриген же газ абалындагы заттардын, суюктуктун же катуу заттын бетине сиңиши. Сиңген зат — адсорбат, ал эми сиңирген зат адсорбент деп аталат. Адсорбат м-н адсорбенттин молекуласынын өз ара аракеттенүү мүнөзүнө жараша физ. А. ж-а хемосорбция болуп бөлүнөт. Хемосорбция убагында алардын молекулалары хим. бирикме пайда кылат. А-ланган молекулалардын кайра бөлүнүшү десорбция деп аталат. Молекулалардын адсорбенттин бетинде кармалып турган мезгили А-нын убакыты деп аталат. Убакыт бирдигинин ичиндеги А-ланган (же десорбцияланган) молекулалардын саны А-нын ылдамдыгы болот. Темп-ранын жогорулашы хемосорбциянын ылдамдыгын жогорулатат да, А-нын убакытын азайтат. А. м-н десорбциянын ылдамдыгы теңелгенде, А-лык тең салмактуулук пайда болот. Адсорбаттын концентрациясы ж-а басымы көбөйгөндө, А-нын ылдамдыгы ж-а А-ланган молекулалардын тең салмактыгынын саны жогорулайт. А. хим. полигр. курулуш ж. б. ө. ж-да



Майкоп. Ленин атындагы аянт.

газдарды, суюктуктарды аралашмалардан бөлүү, кургатуу, тазалоо ишинде, противогазда кеңири колдонулат.

АДЪЮТАНТ (лат. adjutans — жардамчы) — 1) аскер башчыларынын түрдүү тапшырмаларын аткаруучу офицер. Сов. Армияда (1954-ж-га чейин) өзүнчө батальондордун (дивизиондордун) строй кызматы жагын башкарган. 2) Рев-яга чейинки орус армиясында штабдагы иш жүргүзүүнү тейлеген офицер. Генерал чининдегилерге — генерал-А., офицер чининдегилерге флигель-А. деген наам берилген.

АДЫГЕЙ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫ, А д ы г е я РСФСРдин Краснодар крайынын составында 1922-ж. 27-июлда түзүлгөн. Аянты 7,6 миң $км^2$. Калкы 399 миң (1973). Областта 6 админ. район, 1 шаар, 6 шаар тибиндеги поселок бар. Борбору — Майкоп ш-ы.

А. Кавказдын түн.-батышында, Кубань ж-а Лаба д-ларынын сол жээгинде. Областтын түштүгү Чоң Кавказ тоосун этектеп, түн. жагы Кубань түздүгү м-н өтөт. Климаты мелүүн, жылуу ж-а нымдуу. Майкоп ш-да январдын орточо темп-расы 1,6°С, июлдуку 22,2°С. Жылдык жаан-чачын 700 *мм*. Ири дарыялары: Лаба, Белая, Псекупс, Пшиш, Афипс. Кубандын агымын жөнгө салуу иретинде А. терр-ясында жалпы сыйымд. 520 млн. $м^3$ келген Шапсуг ж-а Тщик суу сактагычтары курулган. Жери кара топурактуу. Территориясынын 39,2% токойлуу.



Майкоп. Фрунзе атындагы станок куруучу заводу.

К а л к ы н ы н басымдуу көпчүлүгү адыгейлер, мында орус ж. б. улуттардын өкүлдөрү да бар. Орточо жышт. 1 $км^2$ ге 50 киши. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосунда азыркы адыгейлердин ата-бабалары меот, синд, керкеттер деп аталган. 13-к-да адыге уруулары биригип адыге калкы түзүлөт. А. 13-к-да катуу каршылык көрсөтүүлөрдөн кийин, Алтын Ордого багынган. 16-к-дан баштап 200 жыл бою түрк султандары ж-а алардын вассалы — крым хандары адыгей элин басып алуу үчүн согуш жүргүзүп келген. А. 1955—57-ж. Россияга өз ыктыяры м-н кошулган. Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин жарым феод.-патриарх. абалда болгон. 1918-ж. январда Майкоп ш-да Совет өкмөтү орноду. 1922-ж. 27-июлда Черкес (Адыгей) АОсу, 1928-ж. июлда Адыгей АОсу деп аталды. Совет бийлигинин мезгилинде индустр.-агрардык өлкөгө айланды. Улуу Ата Мек. согушта немецтер басып алып (1942-ж. авг.— 1943-ж. февр.), 1943-ж. 30-январда Майкоп, февралда бүткүл терр-ясы бошотулду. Согуш мезгилинде 7 киши Сов. Союз. Баатыры деген наам алды. 4 миң киши орден ж-а медалдар м-н сыйланды. Согуштан кийин областтын ө. ж. калыбына келтирилди ж-а 1972-ж. 1940-ж-га салыштырганда 6 эсеге жакын өстү. 1957-ж. Ленин ордени, 1972-ж. Элдердин Достугу ордени м-н сыйланды.

Э л ч а р б а с ы н д а ө. ж. башкы маанигe ээ, анын негизги тармактары тамак-аш (бардык ө. ж. продукциясынын 1/2не жакынын берет), газ өндүрүү, токой ж-а жыгач иштетүү, машина куруу өнүккөн. Гидроэнергия ресурстарына бай. Белая д-да ири 2 ГЭС курулган. Ири ө. ж. борбору Майкопто эт, сүт комбинаты, мебель жыгачтарын жасоочу «Дружба» фирмасы, «Дубитель» өндүрүштүк бирикмеси, целлюлоза-картон комбинаты, «Станконормаль», Фрунзе атн. станок ж-а машина куруу з-ддору, Гиагинскийде кант, Натырбовдо эфир май з-ддору бар.



Адыгей Мамлекеттик бий ансамблинин артисттери.

А й ы л ч а р б а с ы н ы н негизги тармагы — дыйканчылык. 1968-ж. 41 колхоз, 19 совхоз болгон. Областта жалпы жер фондусунун 47,2% а. ч-сына жарактуу. Анын 73% айдоо жер, 23,9% мал жайыт ж-а чабык, 1,5% жүзүм аянты. Айдоо аянтынын 50% не дан эгин (буудай, жүгөрү), 16% не тех. өсүмдүктөр, 34% не тоют өсүмдүктөрү эгилет. Мал чарбасы жакшы өнүккөн. 1973-ж-дын 1-январына уй 186 миң, анын ичинен саан уй 65 миң, койэчки 142 миң башка жеткен. Областта Армавир-Туапсе, Белореченск-Хаджок т. ж. бар. Майкоптон Түн. Кавказдын шаарларына автобус каттайт.

Адыгейлер элдик поэзияга бай. Байыркы баатырдык эпос-парттар ыр м-н эл оозунда айтылып келген. Совет өкмөтү орногондон кийин, А-дин көркөм адабияты калыптанды. Адыгей эл акыны Ц. Теучеждин (1855—1940), А. Хатковдун (1901—1937) ырлары ж-а поэмалары, Т. Керашевдин (1902-ж. т.) аңгемелери, романдары («Бакыт жолу» романы үчүн 1948-ж. СССРдин Мамлекеттик сыйлыгын алган) ж. б. чыгармалары А. адабиятын байытты.

А-нын элдик музыкасы негизинен диатоникалык обондордон түзүлгөн. Ага ар түрдүү ритмдүүлүк ж-а кош үндүүлүк мүнөздүү. А. элинин муз. аспаптары: камыль (үйлөмө аспап), шичепшин (смычоктуу аспап), пхачич (урма аспап). Областта элдик ырбий ансамбли уюштурулган. 1941-ж. Майкоп ш-да А. С. Пушкин атн. драма театры ачылып, 1958-ж. анда адыгей труппасы иштей баштайт. А. элдик фольклору Улуу Окт. рев-ясынан кийин кеңири изилденди.

Ad.: Октябрем озарённая. Адыгея за 50 лет, Майкоп, 1957; Очерки истории Адыгеи, т. 1, Майкоп, 1957; Писатели Адыгеи. Биографический справочник, Краснодар—Майкоп, 1965.

АДЫГЕЙ ТИЛИ — Краснодар крайындагы Адыгей АОдо жашаган адыгейлердин тили. Кавказ (пбери-кавказ) тилдеринин абхаз-адыгей тобуна кирет. Бу тилде 100 миңдей (1970) киши сүйлөйт. Ал 4 диалектиге (абадзех, бжедуг, темиргой, шапсуг) бөлүнөт. Адабий тили темиргой диалектисинин негизинде калыптанган. А. т-нин жазуусу араб алфавитинин негизинде түзүлүп (1918), 1927-ж.— латын, 1938-ж. орус графикасына негизделген алфавитке өткөн.



М. М. Адышев.

АДЫГЕЙЛЕР (өздөрүн адыге деп аташат) — эл, РСФСРдин Краснодар крайындагы Адыгей АОдо жашайт, саны 100 миң (1970). Скиф, сармат, алан уруулардын аралашканына карабастан, А. түп.-бат. Кавказдын жерг. калкы бойдон кала берип, 13—14-к-да А-дин бир болүгү Терек д-нын алабына барып жайгашкан (кабардиндер), көпчүлүгү Кара деңиздин жээгинде, Кубанда калышкан. Бул бат. болүгү черкестер деп аталышып, азыркы А-дин тукуму болот. Негизги кесиби — дыйканчылык ж-а мал чарбачылык. 18-к-дан баштап динге ишенгендигинин көбү ислам дининде. Улуу Окт. рев-ясы А-дин экономикасын, маданиятын, турмушун түп тамырынан бери өзгөрткөн.

АДЫР — О. Азиядагы тоо этектерин ээлеген (айланасындагы түздүктөн 200—800 *м* бийик) дөңсөөлөр. Кургак сайлар м-н тилмеленип, негизинен кайнозой чөкмө тектеринен турат. Ландшафты чөл ж-а жарым чөлдүү. Өрөөн ичинде тоодон алыс жаткан А. кээде «айгыр жал» деп аталат (мис., Нарын, Кочкордогу). А-лар Кыргызстанда, айрыкча Фергана өрөөнүнүн тоо этектеринде ж-а Ички Тянь-Шандын өрөөндөрүндө кездешет.

АДЫР — Ош обл-нын Өзгөн р-нундагы Мырза-Аке сельсоветине карактуу кыштак. «Алга» с-зунун аймагында. Райондун борбору Өзгөндөн 19 *км* түш.-чыг. тарапта. Калкы 741 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

АДЫРАТМА — тегирменге же машинага тартылган акшак. Күрүч, таруу, буурчак, жүгөрү адыратма тамак-аш ж-а тоют катары колдонулат. А. аш болумдуу ж-а күчтүү келет. Ал малга, көбүнчө төл м-н канаттууларга берилет.

АДЫРАШМАН (Peganum) — жуп жалбырактуулар тукумунун бир уруусу. Көп жылдык чөп. Казык тамырлуу, сабагы бутактуу, жалбырагы ичке, гүлдөрү агыш. Мөмөсү — кутуча. А. чөлдөрдө, топурагы шор жерлерде, айдоолордо, аңыздарда, жол бойлорунда өсөт. Май, июль айларында гүлдөйт. А-дын 6 түрү бар. Алар Жер Ортолук деңизинен Монголияга чейин ж-а Америкада таралган. СССРдин европ. бөлүгүндө, Түш. Кавказ, Сибирь, Казакстан, О. Азияда А-дын 2 түрү бар. Кыргызстандын бардык райондорунда кадимки А. кездешет. Мал жебейт. Анын уругунан медицинада, ветеринарияда колдонулуучу алкалоиддер ж-а боёчу кызыл боёктор алынат. А. — баалуу дары өсүмдүктөрдүн бири.

АДЫРГЫ — *өрмөк* согууда колдонулуучу курал. Узундугу 40—50 *см*, жазылыгы 15—18 *см*, калыңдыгы 3—6 *см*, баш-аягы бирдей, эки кыры жукартыла жумурланган жалпак тактай. Анын эки четинин так ортосунда сабоонун ичке жагы бүт өтүп, жоон башы такалып калгандай эки көзөнөгү болот. Күзүктүн жардамы м-н А. аркылуу өрмөктөгү өриш жиптердин астынкы жарымын үстүнө, үстүнкү жарымын астына алмай-телмей өткөрүп, ар бир өтүшүндө аркакты өриштердин арасына кысып калтырып турат. Өрмөктүн пайдаланылбай калышына байланыштуу А. жокко эсе, өтө сейрек кездешет.

АДЫР-ТӨР ТООСУ — Борб. Тянь-Шандын түн.-чыгышында, Сары-Жаз суусунун алабындагы Семёнов ж-а Мушкетов мөңгүлөрүн бөлүп турган тоо. Уз. 35,5 *км*, туурасы 3—7 *км*. Орточо бийикт. 4390 *м*, эң бийик жери 4550 *м*. Негизинен байыркы кристаллдык метаморфизмделген девондун акиташ тегиз, кристаллдык сланец тоо тектеринен турат. Рельефи асимметриялуу: түш. капталы Адыр-Төр суусу м-н Мушкетов мөңгүсүн карай тигирээк, түндүгү Сары-Жаз өрөөнүн карай жантайыңкы. Түн. капталы мөңгүлүү, кыска өрөөндөр м-н тилмеленген. Мөңгүлөрдүн жалпы аянты 49 *км*². Тоо этегин кара кыяктуу алыпы тилкеси ээлеп (3100—3500 *м*), андан жогору нивалдуу тилке жатат.

АДЫШЕВ Муса Мирзапаязович [15 (29) 6. 1915-ж. т., Гүлчө кыш., Алай р-ну, Ош обл.] — көрүнүктүү советтик илимпоз, геол.-минералогия илимдеринин доктору (1969), профессор (1971), Кыргыз ССР ИАнын академиги (1961; мүчө корр., 1954) ж-а вице-президенти (1974). Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1975). 1948-ж-дан КПССтин мүчөсү. Жалал-Абад педтехникумун (1935), О. Азия мамл. ун-тинин (САГУ) геол. ф-тетин (1947) бүтүргөн. Улуу Ата Мекен согушка (1941—1945) катышкан. Ош обл-дагы айылдык мектепте мугалим, директор (1935—38), СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Геол. ин-тунун кенже илимий кызматкери (1947), директору (1952), 1954—75-жылдары Кырг. ССР ИАнын Эмгек Кызыл Туу ордендүү геол. ин-тунун директору болуп иштейт. А. — литогенез геохимиясынын өкүлү. 45 тен ашык илимий эмгегинин үчөө — монография. Алар негизинен Тянь-Шандагы байыркы доордо пайда болгон чөкмө тоо тектердин геологиясын, геохимиясын ж-а пайдалуу кен байлыктарын изилдөөгө арналган. Тянь-Шанда кеңири тараган *көмүртек-кремнийлүү сланецтер формациясын* изилдеп чыккан. Бул формация жер бетинде кеңири таралышы, сейрек, чачыранды ж. б. көптөгөн баалуу хим. элементтердин, орг. заттардын көп болушу м-н башка чөкмө тоо тектерден өзгөчөлөнүп турат. Анда молибден, ванадий, фосфор ж. б. элементтердин ири кендери топтолгондуктан, бул формацияны изилдөөнүн эл чарбасы ж-а илим үчүн эң чоң мааниси бар эле. Ошондуктан А. формациянын түзүлүшүн, составын, Тянь-Шандагы таралыш чегин тактаган; өзү тапкан фауналарды ж-а тоо тектерди Европа, Азия өлкөлөрүндөгү аналогдоруна салыштыруудан формациянын геол. жашын аныктаган. Формациядагы рудаңы түзүүчү элементтер чөкмө-сингенетикалык жол м-н пайда болорун белгилеп, формациянын өзгөчөлүктөрүн, кээ бир металлдардын чөгүп-топтолушу үчүн орг. заттардын ролу чоң экенин ачкан. А-дин Кыргызстандагы геол. изилдөөлөрдүн тарыхы, Тянь-Шандын металлогениясы д. у. с. маселелерге арналган бир нече илимий макаласы жарык көргөн. А. илимдин ж-а техниканын жетишкендиктерин калайыкка таратуу жагынан да активдүү иштейт. А-дин жетекчилиги м-н илимдин бир нече кандидаты ж-а доктору даярдалган. Эл аралык геол. конгресстин 22—23-сессияларына (Дели, 1964; Прага, 1968), кендердин пайда болушу б-ча Эл аралык ассоциациянын ж-а Эл аралык минералогиялык ассоциациясынын бириккен конференциясына (Токио — Киото, 1970) катышкан. А.— Советтер Союзунун геологдорунун Улуттук Комитетинин ж-а СССР ИАнын бир нече илимий Советтеринин (СССРдин геол. жактан изилденүүсү б-ча комиссиянын, Жер жөнүндөгү илимдер секциясынын кендердин пайда болушу б-ча илимий Советтин О. Азия бөлүмүнүн ж. б.) мүчөсү. Табият таануу ж-а техника б-ча тарыхчылардын Советтик улут бирикмесинин Кыргызстандагы бөлүмүнүн председатели, илим ж-а техника б-ча Кырг. ССРнин Мамлекеттик сыйлыгынын респ-калык комитетинин мүчөсү, Кырг. ССР ИАнын геол. ж-а тоо иштери б-ча бириккен окумуштуулар Советинин председатели, Кырг. ССР Атласынын башкы редактору, Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакция ж-а Кыргызстанда чыгуучу бир нече илимий журналдар м-н жыйнактардын редколлегия мүчөсү. А. Кыргыз ССРнин чет мамлектер м-н достук ж-а маданият б-ча байланыш коомунун председателине орун басар, «СССР — Бангладеш» коомунун Кыргызстандагы бөлүмүнүн пред-ли. Башка дагы бир нече коомдук ж-а илимий уюмга мүчө. А. Кыргыз ССР Жог. Советине (9-шайл.) депутат. Эмгек Кызыл Туу ордени, бир нече медаль м-н сыйланган.

Чыг.: Металлогения метаморфических и осадочных толщ Тянь-Шаня, в кн.: «Закономерности размещения полезных ископаемых», вып. IX, М., 1970; Геологические исследования в Киргизской ССР, в сб.: Вопросы истории естествознания и техники в Киргизии, Фр., 1967.

АЖАЛ — денедеги зат алмашуунун түбөлүк токтошу, тышкы чөйрө м-н организмдин ортосундагы байланыштын үзүлүп, организмдеги тиричиликтин токтолгон кези. Ислам дини А-ды тагдыр ж-дөгү диний түшүнүк м-н тыгыз байланышта карап, алла таала адамдын өмүрүн алдын ала белгилеп



«Ажал ордуна» музыкалуу драмасы. Бектур — Кыргыз ССР эл артисти К. Эшимбеков, 1938.

коёт деген пессимисттик көз караштан түшүндүрөт. А. бул жандын «денеңин туткунунан» бошонуусу, анын «тигил дүйнөдөгү» түбөлүк жашоого өтүүсү деп эсептешот. Илим А. ж-а «тигил дүйнө» ж-дөгү диний түшүнүктөрдү жокко чыгарат.

«АЖАЛ ОРДУНА» — кыргыз профессионал искусствосу м-н адабиятынын калыптанышына өбөлгө болгон беседдүү чыгарма. Драманын автору — Ж. Турусбеков (1934). А. Малдыбаев, Д. Ковалев, П. Шубиндер пландаштырган алгачкы варианты 1934-ж., В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ферелер музыка жазган соңку редакциясы 1938-ж. сахнага коюлган. Режиссёрлору: А. Куттубаев, В. Я. Васильев, дирижёру — В. Целиковский, сүрөтчүсү — Я. Штоффер. Баш каармандардын образын түзгөн тунгуч аткаруучулар: А. Куттубаева (Зулайка), А. Боталиев (Искендер), А. Малдыбаев (Бектур). Тарыхый-муз. драмада падышалык Россиянын ж-а жерг. бай-манаптардын көп кабат эзүүсүнө каршы кыргыз элинин 1916-ж-дагы көтөрүлүшү сүрөттөлүп, кыргыз ж-а орус эмгекчилеринин чыналып келаткан достугу даңазаланат. Драманын музыкасы элдик обондорго, күүлөргө



«Ажал ордуна» спектаклинен көрүнүш. 1966.

ширелген. «Алтын кыз» муз. драмасына караганда, «А о.» драмасынын музыкасынын профессионалдык деңгээли алда канча бийик. Мис., элдин түшкөн азаптуу мүшкүлүн туюнткан увертюрасынан, айтылуу «Ата журт менен коштошуу» хорунан, Искендин 1-ариясынан чыныгы профессионалдык чеберчилик туюлат. Кыргыз совет музыкасынын кенчине эчак бөлөк 1-сүрөттөгү эл хору, финалдык бийлер опералык өнөрдүн деңгээлинде. Театрдык татаал музыкага элдик музыканын үлгүлөрүн профессионалдык музыка м-н чебер айкалыштырган авторлор «А. о.» аркылуу улуттук иск-вону профессионалдык жаңы баскычка көтөрүшкөн. «А. о.» жаралгандан бери сахнадан түшпөй келетат.

АЖГОН, айован Trachyspermum copticum, Carum ajowan — чатыр гүлдүүлөр тукумундагы бир жылдык өсүмдүк. Бийикт. 70—120 *см*, тамыры ичке, узун, 1 *м* ге чейин жерге кетет, жалбырагы кезектешип жайгашат. Гүлү жыпар жыттуу, ак же кызгылтым; кош дандуу, ысык жерде жакшы бышат. Жер Ортолук деңизинин жээгинде, Кичи ж-а О. Азия, Индияда жапайы өсөт. Эфир — май өсүмдүгү катарында Индия, Афганстан, Иран, Турция, СССРде (Кыргызстандын Чүй өрөөнүнүн Калинин р-ындагы Тельман атн. к-з А. өстүрүүгө адистештирилген) өстүрүлөт. Уругунда 2,5—10% эфир майы (мунун 35—40%ти тимол), 20—32% май, 15—17% белок бар. Тимол медицинада, парфюмерия-косметикада, тамак ө. ж-да ж. б. пайдаланылат, тимолсуз эфир майынан (тимен) самын кайнатылат. А-дун тобун мал жейт. Уругу темп-рага (8°С), топурактын нымдуулугуна жараша 12—30 күндө өнүп чыгат. Вегетация мезгили 120—156 күн. Эрте жазда эгилет. Кыргызстанда күзүндө да эгүүгө болот, А-ду сугарып туруу керек. Гектарынан 8—12 *ц* түшүм алынат.

АЖЫ (ар. хаж — зыяратчылык) — 1) Мекеге барып зыярат кылуу; 2) Мекеге зыярат кылганы барган адамга берилген наам. Аны мусулман жыл календарынын 12-айында (Зулхиж) ишке ашыруу сунуш кылынат. Зыяратчы Мекеде бир топ диний ырым-жырымды аткарып, курмандык мал союуга милдеттүү. Ошондо ал «ажы» деген кошумча атка ээ болот. Арабдар ислам динине чейин эле Мекеге зыярат кылып келген. Ал эми ислам Меке ж-а Кааба храмын мусулмандардын диний борборуна айландыруу максатында, алардын экон. ж-а саясий ролун чыңдоо үчүн ажылыкты мусулмандардын негизги милдеттеринин бирине айландырган. Ажылык панисламизмди үгүттөөнүн, диний фанатизмди күчөтүүнүн негизги куралдарынын бири болуп, адамдарды көп кырсыктарга дуушар кылган. Мекеге зыяратчылардын жыйылышы, ал жердеги оор шарттар массалык оорулардын пайда болушуна, эпидемиянын жайылышына алып келген. Көпчүлүк адамдар оорудан ж-а ачкачылыктан каза болушкан. Азыркы учурда А. болууга негизинен айрым диничилдер гана барышат.



Э. Ажыкеев.

АЖЫДААР ТООЛОРУ — Түш. Африка Респ-касынын чыгышындагы Чоң Тектир тоолорунун бир бөлүгү. Уз. 900 *км* ге жакын, эң бийик чокусу — Каткин-Пик (3657 *м*). Негизинен кумдук, сланец, базальт тоо тектеринен турат. Чыг. капталында жамгыр көп жаайт (жылына 2000 *м* ге чейин), батышы кургак ж-а кескин континенттүү. Тоо чокуларында кышкысын кар өкчөбейт. Чыг. капталын 1200 *м* бийиктикке чейин тропиктик токой, 1200—2000 *м* де тикендүү калың бадалдар, ксерофиттер ж-а суккулентер (акация, алоэ), андан жогору тоо шалбаасы ж-а корум таштар каптап жатат.

АЖЫКЕ — Түш. Кыргызстанда, Тар суусунун алабындагы жайлоо. Чыгышынан Чакан-Таш тоосу, түш.-батышынан ж-а батышынан Ак-Башат, Чалкан деңсөөлөрү м-н чектешет. Кара-Кулжа кыштагынан 40—45 *км* түш.-чыг. тарапта. Аянты 30 *км*² ге жакын, орточо бийикт. 1800—2300 *м*, эң бийик жери 2600 *м* (Чакан-Таш тоосунда), уз. 16 *км*. А-нин түш.-ж-а чыг. капталы тик келип, түн.-батышка жантайыңкы. Бор мезгилинде пайда болгон аки таш тектеринен турат. Бат. ж-а түн.-бат. капталы палеогенеоген мезгилдеринин конгломерат, кумдуу чопо ж-а гипс м-н капталган. Өрөөн м-н Ажыке суусу агып өтөт. Климаты континенттүү, жылдык орточо темп-расы 3,2°С, январдыкы — 15,1°С, июлдуку 15,4°С. Жылдык жаанчачындын өлчөмү 345 *мм*. Бат. ж-а түн. капталы карагай, арча токойлору, чыг. ж-а түш. беттери майда бадалдар, сейрек арчалар м-н капталган. А-ге талаа, токой, субальпы ж-а альпы ландшафт алкактары мүнөздүү. Өсүмдүктөрү: карагай, арча, четин, шилби, табылгы, тал, чие, бетеге, шыбак ж. б. Жаныбарлары: түлкү, кашкулак, суур, карышкыр, кекилик, чпл, бөдөнө ж. б. Совет р-нунун колхоз-совхоздорунун малы жайлайт. А-де жайкысын райондун жүздөгөн эмгекчилери эс алышат.

АЖЫКЕЕВ Эсенкан (1924-ж. т.) — өткөөлчүлөр бригадасынын бригадири. Соц. Эмг. Баатыры (1966). Ал эмгек жолун эрте баштап, 1942—49-ж. Сов. Армиянын катарында кызмат кылган. Андан кийин рудникте забойщик-өткөөлчү болуп иштейт. А-дин бригада-



Р. Ажыкулов.

дасы 1961-ж. «Коммунисттик эмгектин бригадасы», өзү «Коммунисттик эмгектин ударниги» наамын жеңип алат. Ал эки жолу Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЖЫКУЛОВ Рыскул (1898-ж. т.) — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Карл Маркс атн. к-здун бригадири (1931), Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1931-ж-дан тартып пахта өстүрүүчү бригадага жетекчилик кылат. А. башкарган бригада 1964-ж. 130 *га* аянттын ар гектарынан 35,78 *ц* ден, 1965-ж. 123 *га* аянттын ар гектарынан 32,56 *ц* ден пахта алган. А. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЖЫРАТКЫЧ (электрдик — электр тизмектерин ажыратуучу, бириктирүүчү же алмаштырып туташтыруучу аппарат. А. төменку (1 *кв* ко чейин) ж-а жогорку (1 *кв* тон ашык) чыңалууга болүнөт. Алар орнотулган орду б-ча ички ж-а тышкы, уюлдарынын саны б-ча бир уюлдуу же көп уюлдуу, башкарылуу мүмкүндүгү б-ча аралыктан же кол м-н башкарылуучу болуп айырмаланат. А-тар изоляторлорго бекитилген кыймылдуу ж-а кыймылсыз контакттардан турат. А-тар кол же пружина м-н, электромагниттик же пневматикалык жол м-н иштетилет. Төменкү чыңалуулук А. үй тиричилигинде ж-а өндүрүштө колдонулуучу болуп бөлүнөт. Өндүрүштүк А-тар электр энергиясын бөлүштүрүү тармагында ток күчүнүн ашыкча болуп кетишинен сактайт. Рубильник, алмаштырып туташтыргыч, контакттар ж-а магниттик иштеткичтер да өндүрүштүк А-тардын катарына кирет.

АЖЫРАЩ АЯК — башка жакка көчөөрдө коңшуларын, жоро-жолдошторун үйгө чакырып, тамак берүү жөрөлгөсү. Бул — нускалуу элдик салттардын бири.

АЖЫРОО ЗАКОНУ, к. *Менделдин закондору.*

АЖЫРЫК (Cynodon) — дан өсүмдүктөр тукумунун уруусу, көп жылдык чөп. Тамыр сабагы абдан узун, бутактуу, катуу. Сабагы жерге төшөлүп өсөт. Жалбырагы узун, ичке, кыйгак. Топ гүл бутакчалары топтолушуп, сабагынын учундагы бир жерден манжадай чачыран чыгат. Машакчалары 1—2 гүлдүү. А.— тамыр сабагынан жакшы көбөйүүчү, кеңири тараган отоо чөп. Мал жакшы жейт. Кургакчылыкка чыдамдуу. Жакшы алысындайт. СССРде, о. эле Кыргызстанда бир гана түрү — манжа сымал А. өсөт. А. уруусуна бардыгы 10 түр кирет, алар негизинен Түш. Африкада, Австралияда, тропиктик, субтропиктик алкактагы жерлерде таралган. Сталдын аянтчалары дың ж-а жашыл болушу үчүн А-ты өстүрүүгө болот. Уругу көбүнчө аның жапайы өскөн жерлеринен жыйналып алынат. Көчүрүп отургузса, тамыр сабагы аркылуу да жакшы көбөйот.

«АЗ БОЛСО ДА, ЖАКШЫ БОЛСУН» — В. И. Ленин 1923-ж. февралдын башында айтып жаздырган акыркы чыгармалардын бири, 1-жолу 1923-ж. 4-мартта «Правда» газетасына жарыяланган. «Бизге Рабкринди кандайча кайрадан уюштуруу керек» деген макаласынын логикалык уландысы. Макалада мамл. аппаратты жакшыртуу милдеттерине өзгөчө көңүл бурулуп, мамл., чарбалык, маданий ж. б. мекемелердин иштерин күндө көзөмөлдөп туруучу үлгүлүү аппарат түзүү, Жумушчу-дыйкан инспекциясын (Рабкринди) Борб. контролдоо комиссиясы м-н бириктирүү, бул ишке алдыңкы катардагы жумушчуларды, даярдыгы бар билимдүү кадрларды тартуу сунуш кылынган; өлкөдө при оор ө. ж-н түзүү зарылдыгы да көрсөтүлгөн. В. И. Ленин социализм эл аралык масштабда жеңип чыгаарына толук ишенип, мамл. аппаратта иштегендердин санын азайтып, аның жумушун баштан аяк илимий негизде уюштуруу милдетин койгон. РКП(б)нин 12-съезди өз чечимдеринде В. И. Лениндин көрсөтмөлөрүн эске алып, «Жумушчу-дыйкан инспекциясы менен Борбордук контролдоо комиссиясынын милдеттери жөнүндөгү» атайын резолюция ж-а Борб. контролдоо комиссиясы м-н РКП эл комиссариатын бириктирүү ж-дө чечим кабыл алган. «Аз болсо да, жакшы болсун» деген макалада айтылган осуяттар Сов. Союзунда жүзөгө ашырылды. КПССтин жетекчилиги м-н совет эли биздин өлкөдө өнүккөн соц. коомду куруп, коммунисттик курулуштун жаңы милдеттерин чечип жатат.

Ад.: Ленин В. И., Аз болсо да, жакшы болсун, Чыг., 1-бас., 33-т.; Ошонуку, Бизге Рабкринди кандайча кылып кайрадан уюштуруу керек, бул да ошондо.

АЗ ЖАЙЛАНТЫЛГАН ЖАРДЫРУУ — талкалоого же уратууга даярдалган тектердин ичине жайлаштырылган дүрмөттөрдү ал тектердин физ.-мех. касиеттерине ж-а жардыруу шарттарына жараша биринин артынан экинчисин бир аз кечиктирип жардыруу методу. Дүрмөттөрдү жардыруунун башка жолдоруна караганда, Аз ж. ж.— тектерди бир калыпта ж-а иштетүүгө ылайыктап талкалоочу, сейсмологиялык таасирди аз берүүчү прогрессивдүү метод. Аның артыкчылыгы — дүрмөттөрдү белгилүү бир жайлантуу убакыты м-н жардыргандыгында, мис., дүрмөттүн диаметри болжол м-н 30÷35 *мм* ж-а тоо теги катуу, тыгыз болсо, жайлантуу убагы — 5÷10 *м/сек*, тектер бир аз жумшагыраак ж-а дүрмөттүн диаметри 50÷100 *мм* болсо — жайлантуу убагы 15÷25 *м/сек*, 100 *мм* же андан ашык болсо. 35÷50 *м/сек* болушу зарыл. Аз ж. ж. атайын жайыраак жарылуучу электр детонатору же пиротех. жайлантыкчтар м-н иштелет.

АЗ КАНДУУЛУК — кызыл кан денечелериндеги гемоглобиндин ж-а организмдеги кандын жалпы көлөмүнүн азаюусу мүнөздүү болгон оорулардын тобу. Негизги белгилери — алсыздык, баш айлануу, демигүү, өңдүн кубарышы, бир аз убакытка эсинен тануу. А. к-тун себептеринде кан агуу (мурундан, ичегиден, карыңдан, өпкөдөн ж. б. органдардан), айрым ферменттердин активдүүлүгүнүн начарлашы, темир, витамин ж. б. заттардын жетишсиздиги, ар кандай жугуштуу оорулардын терс таасири кирет. А. к. негизинен 3 фактордон — кан агуудан, кан пайда болуунун начарлашынан ж-а аның бузулушунун күчөшүнөн пайда болот. Кан көп аккан учурда операция жолу м-н канды токтотуп, кан токтотуучу дарылар берилет ж-а кан куюлат. Негизинен B_{12}, С витаминдери, составында темири бар дарылар м-н дарыланат. Радиоактивдүү, уулуу заттар ж-а айрым узакка колдонулган дарылар таасир өткенде, сөөк чучугундагы кан клеткаларынын өсүшү бузулуп, кан денечелери аз иштелип чыгат. А. к-тун бул түрүндө гормондор ж-а хирургиялык операция жолу (көк боорду алып таштоо ж. б.) колдонулат.

Ад.: Кассирский И. А., Алексеев Г. А., Клиническая гематология, 3 изд., М., 1962; Генетика в гематологии, Л., 1967.

АЗА — жакыны өлсө, туугандарынын аны жоктоп белгилүү убакытка чейин кайгыруу жөрөлгөсү. А. күтүү көп элдердин салтында бар. Кыргыз патриарх.-феод. коомунда айрыкча аялдардын А. күтүүсү өтө оор болгон. Жесир аял күнүгө үч маал кошок кошуп, бир жыл бою үйүнөн чыкпай, кара кийим олтурган. Бетин тытып, белине тасма тартып, кыл аркан төшөнүп отуруу сыяктуу ар кандай кыйноолорду тарткан. Бай, манап, бийлердин чейрөсүнөн өлсө, А. күтүүнүн белгиси катары жыл маалына чейин үйдүн түндүгүнөн туу чыгарып коюшкан. Туунун түсү өлгөн адамдын жашына карата ак, кызыл же кара болот.

АЗАН (ар.— чакыруу, жарыялоо) — мусулмандарга парыз болгон беш убак намаз учурун жарыялаган чакырык. А. чакырган адамды азанчы деп аташат. А-ды бийик жерден же мунарадан чакырат. Мусулмандарда төрөлгөн балага А. чакырып ат коюу кеңири тараган. СССРде Окт. рев-ясынан кийин элдин маданий деңгээлинин өсүшүнө байланыштуу А. чакырып ат коюу жоюлайын деп калды. А.— исламда адамдын бүткүл өмүрүн дин жолуна багыттоо куралынын бири.

АЗГУР Заир Исаакович (1908-ж. т.) — советтик скульптор, БССР эл сүрөтчүсү (1944). СССР сүрөт академиясынын аныс мүчөсү (1958). 1943-ж-дан бери КПССтин мүчөсү. Ленинграддагы сүрөт академиясында (1925-ж-дан), Киевдеги сүрөтчүлөр ин-тунда (1928—29) окуган. Ата Мек. согуштун баатырлары А. И. Родимцев, А. И. Молодчий, М. Ф. Сельницколордун портреттери (үчөө тең Третьяков галереясында, 1943, Москва) үчүн СССР Мамл. сыйлыгы берилген (1964). В. И. Ленинге арналган бир катар эстеликтердин автору. Ленин ордени дагы башка 3 орден, медалдар м-н сыйланган.

АЗЕЗИЛ (ар. газезил—алдамчы, азыткы) — перштенин адегендеги аты. А. ж-дөгү элестер кыргыздарда байыркы убакта эле пайда болгон. Диний түшүнүктөр б-ча А.— адамды азгырып, тескери жолго салуучу күч. А. Адам ата м-н Аба энени азгырып, бейиштен чыгарган ж-а кийин кудайдын буйругуна каршы чыгып, аның каргышына калып, шайтан болуп кеткен имиш.

АЗЕОТРОПТУК АРАЛАШМА (*а*... ж-а гр. zeo — кайноо, trope — өзгөрүү) — буулантканда составын өзгөртпөй, бөлүктөргө ажырабай, белгилүү температурада кайноочу суюк аралашма. Аны 1810-ж. Дж. Дальтон ачкан. А. а-ның кайноо темп-расы айрым компоненттеринин кайноо темп-расынан жогору, айрымдарыныкынан төмөн болот. Мис., 69,2% азот к-тасы ($t_к$ 84°С) м-н 30,8% суудан ($t_к$100°С) турган А. а. 121,8°С, ал эми 95,57% *этил спирти* ($t_к$ 78,5°С) м-н 4,43% суудан турган А. а. 78,15°С де кайнайт. Ө. ж-дагы суюк аралашмалардын 50% ке жакыны А. а-ны пайда кылат.

АЗЕРБАЙЖАН ЖЫЛКЫСЫ — Азербайжанда илгертен бери өстүрүлүп келе жаткан күч унаа. А. ж. чыдамдуулугу м-н айырмаланып, үйүрлөштүрүп багууга ыңгайлашкан. Өңү жээрде, кызыл ж. б. Орточо өлчөмү: өркөчүнө чейинки бийик. 138, тулку бою 139, көкүрөк курчата өлчөмү 161,



шыйрагынын жоондугу 18 *см*. А. ж-нын тирүүлөй салм. 280—350 *кг*, жүкчөн ат күнүнө 60—70 *км* жол жүрөт. Кунандары 1600 *м* аралыкты 2 *мин* 22,6 *сек* убакытта чуркап өтөт. А. ж-нын бир нече түрү (карабах, ширван, делибоз ж. б.) бар. А. ж-н жакшыртуу максатында араб ж-а терек жылкысы м-н асыл тукум иши жүргүзүлүүдө.



АЗЕРБАЙЖАН СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ, Азербайжан. Азерб. ССРи 1920-ж. 28-апрелде түзүлгөн. 1922-ж-дын 12-мартынан 1936-ж-дын 5-декабрына чейин Закавказье федерациясынын составында болуп, 1936-ж. өз алдынча СССРге кирген. Закавказьенин түш.-чыг. бөлүгүндө жайгашкан. Түндүгүнөн РСФСР (Дагстан АССРи), түн.-батышынан ГССРи, түш.-батышынан Арм. ССРи ж-а Түркия, түштүгүнөн Иран м-н чектешет. Чыгышынан Каспий деңизинин чулган турат. Каспий деңизинин майда аралдарын кошкондо, аянты 86,8 миң *км*^{2}. Калкы 5514 миң (1974). Борбору — Баку. Азерб. ССРинин составына Нахичевань АССРи ж-а Тоолуу Карабах АО кирет. Республикада 61 район, 59 шаар (1913-ж. 13 шаар болгон), 121 шаар тибиндеги посёлок бар.

Мамлекеттик түзүлүшү. Азерб. ССРи — жумушчулар м-н дыйкандардын социалисттик мамлекети, СССРдин составындагы союздук советтик социалисттик республика. Азерб. ССРинин Конституциясы 1937-ж. 14-мартта Советтердин Бүткүл азерб. чукул чакырылган 9-съездинде кабыл алынган. А. ССРинин Жогорку Совети — мамл. бийликтин жогорку органы, 12,5 миң кишиден 1 депутат эсебинде 4 жылга шайланат. Жогорку Советтин сессияларынын аралыгында мамл. бийликтин жогорку органы—Азерб. ССРинин Жогорку Советинин Президиуму. Жогорку Совет республиканын өкмөтү — Министрлер Советин түзөт ж-а Азерб. ССРинин закондорун кабыл алат. Райондук, шаардык, поселоктук, селолук ж-а Тоолуу Карабах АОдо бийлик органдары — 2 жылга шайлануучу эмгекчилер депутаттарынын жерг. советтери. Соттун жогорку органы — Азерб. ССРинин Жогорку соту, ал республиканын Жогорку Совети тарабынан 5 жылга шайланат. Азерб. ССРинин прокурорун СССРдин Ген. прокурору 5 жылга дайындайт.

Табияты. А. негизинен Чоң ж-а Кичи Кавказ, Талыш тоолорунун ортосундагы ойдундан орун алган. Апшерон, Кура, Сара сыяктуу при ж. а-дары ж-а Киров (Кызылагач), Баку бухталары бар. Территориясынын $^1/_2$ бөлүгүнө жакыны тоолуу. Түндүгүндө Чоң Кавказ, түштүгүндө Кичи Кавказ тоолору ж-а алардын ортосунда Кура ойдуңу жатат. Түш. чыгышынан Талыш тоолору, түштүгүнөн Орто Аракс ойдуңу, Айоцдзор ж-а Зангезур тоо кыркалары курчап жатат. Чоң Кавказдын борб. бөлүгүнүн рельефи нивалдуу-моңгулуу келип, орто бийиктиктеги тоолор, терең дарыя өрөөндөрү м-н тилмеленген. Бабадаг (3629 *м*) тоосунан чыгышты көздөй Чоң Кавказ тоолору кескин эңкейиштеп, бөксө тоолорго айланат. Чоң Кавказдын түн. тарабында Кусар жантайыңкы түздүгү жайгашкан, ал чыгышты карай Самур-Дивичи ойдуңуна өтөт. Кичи Кавказдын ички бөлүгүндөгү Карабах бөксө тоосуна өчкөн жанар тоонун конустары ж-а лавалуу плато лор мүнөздүү. Эрозиялык-тектоникалык орто бийиктиктеги Талыш тоолору бийикт. 2477 *м* келген 3 кырка тоодон турат. Нахичевань АССРинин рельефи Аракс түздүгү ж-а Айоцдзор, Зангезур (3904 *м*) тоо кыркаларынан турат. Кичи Кавказдын эң бийик тоолорунда (Зангезур, Муравдаг ж. б.) байыркы муз доорунун рельефинин калдыктары сакталып калган.



Гейкол.

А-дын аймагы негизинен юра, бор, палеоген, неоген, антропоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тоо тектеринен турат. Тоо этектеринде жанар тоо, интрузия тоо тектери ж-а терриген чөкмөлөрү да жолугат. Республиканын борб. бөлүгүндөгү ойдуңда неоген-антропогенде пайда болгон моласстардын калың катмарлары кезигет. А-да пайдалуу кендер көп. Апшерон ж. а., Апшерон, Баку архипелагдары, Кура ойдуңу нефть ж-а газга бай. Темир (Дашкесан), полиметалл, алунит (Заглик), молибден, таш туз (Нахичевань АССРи, Апшерон), йод, бром кендери казылып алынат. Минералдуу суулар (Бадамлы, Джульфин, Турису, Истису, Сурахан), дарылык касиети бар баткак (Баку, Кельаджар, Ленкоран, Куба) ж-а дарылоочу нефть (Нафталан) кендери бар.

А. негизинен субтропиктик алкакта жайгашкан, бирок климаты ар түрдүү (кургак ж-а нымдуу субтропиктик, континенттик, тоо-тундралуу). Абанын темп-расы: июлдуку өрөөндөрүндө 25—27°С, бийик тоолордо 5°С, январда 0 дөн 3°С ге чейин, тоолуу р-ндордо —3—10°С, темп-раның абс. максимуму 40, 43°С, абс. минимум — 30°С. Жылдык жаан-чачын ойдундарда 200—300 *мм*, тоо этектери м-н жаныз тоолордо 300—900 *мм*. Ленкоран ойдуңунда 1200—1400 *мм* ге (кээде 1700—1800 *мм*) жетет. А-да 1250 ге жакын суу бар. Кавказдагы эң ири дарыя — Кура А-дын түн.-батышынан түш.-чыгышын көздөй агып, Каспий деңизине куят. А. сууларынын көпчү-



Баку. Коммунист көчөсү.

лүгү Кура д-нын алабына кирет. Чоң Кавказ тоолорунун түш.-чыг. капталдарынан Белоканчай, Мухахчай, Талачай, Курмухчай сыяктуу д-лар башталат. Кичи Кавказдын түш.-чыгышындагы бийик тоолордон Куранын оң куймалары: Шамхорчай, Акстафа, Гянджачай, Тертер ж-а Аракстын сол куймасы Акера агып чыгат. Дарыялар түздүккө чыккандан кийин сугатка пайдаланылат. Курада Мингечаур ГЭСи ж-а суу сактагыч (аянты 605 *км*², суусунун көлөмү 16 млн. *км*³) курулган. Кура д-нын төмөнкү агымында кеме жүрөт. Республикада 250 көл бар. Ирилери: Гаджикабул (15,5 *км*²), Беюкшор (10,3 *км*²), Муравда тоосунда Кавказдагы эң кооз көлдөрдүн бири — Гейкөл жайгашкан. А-дын түздүктөрү боз ж-а шор топурактуу. Мында шыбак, бетеге ж-а эфемерлер өсөт. Тоо этектери, негизинен, бозкүрөң топурактуу. Тоолуу-токой алкак күрөң түстүү ж-а кара топурактуу келип, мында жазы жалбырактуу эмен, граб, бук жыгачтары, ал эми Талыш тоо этектеринде каштан эмени, курма, катрацкы ж. б. өсөт. 2200—2500 *м* бийиктикте альпы шалбаасы, субальпы өсүмдүктөрү өсөт. А-да жаныбарлардын 12 миңдей түрү кездешет. Чөл ж-а жарым чөлдөрдө сойлоочулар, кемирүүчүлөр, талааларда жейрен ж. б., камыштуу жерлерде каман, енот сымал ит, тоолордо кабылан, аюу, тоо эчки ж. б. бар. Каспий децизи м-н Кура д-сы балыкка (лосось, осетр, севрюга, белуга ж. б.) бай.

Калкы. Республиканын негизги калкы — азербайжандар (73,8%, 1970). Алардан башка орус, армян, авар, лезгин, цахур, тат, удин, курд ж. б. улуттар жашайт. Калктын орточо жышт. 1 *км*² ге 62,6 киши (1973). Шаар калкы 51%ти (1973) түзөт. Ири шаарлар: Баку (1314 миң), Кировабад, Сумгаит, Мингечаур, Али-Байрамлы, Степанакерт, Дашкесан, Нахичевань.

Тарыхый очерки. Азыркы А-дын терр-ясында алгачкы адамдар палеолит доорунда жашашкан. Муну Авейдагдан (Казах р-ну), Азых үңкүрүнөн (Гидруш р-ну) табылган таш куралдар далилдейт. Алгачкы коомдо А-да жашаган адамдар 1-жолу металлдан эмгек куралдарын жасоону неолит доорунда үйрөнүшкөн. Убакыттын өтүшү м-н металлдардан, айрыкча темирден курал жасоонун күчөшү ж-а жакшыртылышы, алардын чарбада кеңири колдонулушу коомдук өндүрүштө сапаттык өзгөрүшкө — алгачкы коомдун бузулушуна алып келди. Бул жеке менчиктин өнүгүшүн шарттап, таптын, мамлекеттин пайда болушуна өбөлгө түзгөн. Б. з. ч. 9-к-да пайда болгон Ман мамл-де чарба ж-а маданият бир кыйла дурус өнүккөн, ал узак убактарга дейре Ассириянын, Урартунун кол салууларына туруштук берип келсе да, акырындык м-н өзүнүн маанисин жоготот. Б. з. ч. 7-к-да түзүлгөн Мидия мамл-и падыша Киаксардын тушунда Байыркы Чыгыштагы зор империялардын бирине айланат да, Ман анын составына кирип, негизги маданий борбор болот. Б. з. ч. 6-к-дын ортосунда Мидияны Персия басып алып, Ахемени династиясы орнойт. Жерг. калк чет элдик эзүүлөргө каршы бир нече жолу көтөрүлүш чыгарат. Ахеменилерди Македонскийдин аскерлери талкалагандан кийин (б. з. ч. 4-к-дын аягы), Атропатена мамл-и түзүлүп, анда дыйканчылык, мал чарбасы ж-а кол өнөрчүлүк жакшы өнүккөн. Б. з. башталышында А-дын терр-ясында ж-а Түш. Дагстанда *Албания* (Кавказдагы) мамл-ти пайда болгон. Бул мамлекеттер А-дын аймагындагы урууларды бириктирүүдө чоң роль ойногон. 3—5-к-да А-да феод. мамилелер түзүлө баштайт: феод. коомдун негизги таптары феод. ж-а көз каранды дыйкандар пайда болот. А. көп жолу чет элдик баскынчылардын жортуулдарына дуушар болгон. 3-к-дын ортосунда аны Сасанилер, 7-к-да Араб халифатынын аскерлери басып алган. Халифаттар элди зордук м-н ислам динине киргизип, салык төлөөнү көбөйткөн. Басып алуучулардын ж-а алар м-н биригип кеткен жерг. ири феодалдардын зомбулугу эл массасынын нааразылыгын күчөтөт, кош эзүүгө каршы Бабектин жетекчилиги астында дыйкандардын көтөрүлүшү чыгып, ал Араб халифатынын А-дагы бийлигин бошоңдоткон. 11-к-дын ортосунда *Сельджуктар* династиясы башында турган түрк уруулары (огуздар ж. б.) А-га чабуул жасап, чарбасын бүлүнткөн, кийин Сельджуктардын бийлиги начарлаганда гана (12-к.), Ширваншахтардын, Кесранилердин, Ильдегиздердин мамл-тери күчөп, чарбачылыгы, соодасы, кол өнөрчүлүгү өнүккөн. Түрк урууларынын тарыхый узак мезгилдер бою А-га келип отурукташып, ал жердеги калк м-н аралашуусунун натыйжасында байыркы жерг. тилдер колдонуудан чыгат да, түрк тили (11—13-к.) элдин тили болуп калат. Мына ушул убактарда А. эли да түзүлгөн. 13-к-да А-га монголдор басып кирип, сооданын, кол өнөрчүлүктүн борбору болгон шаарларды кыйратып, бүткүл өлкөнү бүлүндүрөт. 14—15-к-да Ширваншахтардын мамлнин күч-кубаты өсүп, 15-к-да *Кара-Коюнлу* ж-а *Ак-Коюнлу* деген жаңы мамл-тер пайда болот. А-дын тарыхында 16-к-дын башында түзүлгөн *Сефеви* мамл-и маанилүү роль ойноду. Бүткүл А-дын Сефеви мамлне кирип биригиши өлкөнүн чарбасынын ж-а маданий турмушунун өнүгүшүнө шарт түзгөн, элдин чет жердик басып алуучуларга каршы күрөшүнө мүмкүнчүлүк берет. Бирок бул узакка созулбады, Сефеви м-н Турциянын согушу, феод. ички чырчатактары өлкөнү начарлантты. Иран ж-а Турция тараптан дайыма болуп турган коркунучту жакшы түшүнгөн, эл массасынын максатын байкаган мамл. айрым ишмерлер орустар м-н союз түзүүгө умтулушуп, 1803—05-ж-да Карабах, Шекин, Ганжа хандыктары Россияга кошулду. Түн. А-дын Россияга кошулушу А. элинин тарыхындагы бурулуш учур болду. Падышачылыктын колониялык саясатына карабастан, бул А-ды сыртқы кол салуучулардан, феод. ички өз ара күрөштөрдөн куткарды, алдыңкы орус маданиятынын ж-а рев-ячыл демокр. идеялардын А-дын эмгекчилеринин арасына таркашына жол ачты. 19-к-дын 2-жарымында А-да капитализм өнүгө баштады. А-дын пролетариаты Россиянын жумушчу табынын күчтүү отряддарынын бири катары түзүлүп, рев-ячыл күрөштүн процессинде такшалды. 19-к-дын аягында Баку ири ө. ж. борборунун бирине айланып, анда соц. демокр. кружоктор пайда болду. Бакулук с.-д. «Искра» газетасынын редакциясы ж-а В. И. Ленин м-н байланышып турду. 1901-ж. Бакуда «Искранын» тобу уюшулат. 1905-ж. Бакуда жумушчулар депутаттарынын алгачкы Советтери түзүлдү. 1917-ж. Февр. рев-янын жеңишинен кийин Бакуда кош бийлик: буржуазия м-н помещиктердин ж-а Убактылуу өкмөттүн жерг. органы — Коомдук уюмдардын аткому м-н Жумушчу депутаттарынын совети түзүлдү. Улуу Окт. соц. рев-янын жеңишинин натыйжасында 1917-ж. октябрда Бакуда Совет бийлиги жарыяланды. А-да Совет бийлигин чыңдоо үчүн болгон күрөшкө В. И. Ленин башында турган РКП(б) БК м-н Совет өкмөтү чоң жардам көрсөттү. 1918-ж. 25-апрелде Баку Эл Комиссарлар Совети түзүлүп, ал нефть ө. ж-ын, банкаларды ж-а Каспий соода флотун мамлекеттештирүү, бектердин, хандардын жерлерин конфискациялап дыйкандарга берүү ж-дө декреттерди кабыл алды.

1918-ж. жайында Закавказьеде абал оорлойт. Англ., герм., турциялык интервенттердин кысымынын, дашнактардын, мусаватисттердин, эсерлердин ж-а меньшевиктердин чыккынчылыгынын натыйжасында 1918-ж. 31-июлда А-да Совет бийлиги убактылуу кулады. Большевиктердин жетекчилиги астында Совет бийлигин орнотуу үчүн оккупанттарга ж-а мусаватисттерге каршы күрөш күчөдү. 1920-ж. 11—12-февралда Бакуда А-дын Коммунисттик уюмдарынын жашыруун 1-съезди болуп, анда Азерб. Коммунисттик (большевиктер) партиясын түзүү ж-дө чечим кабыл алынды. Коммунисттер контррев-ячыл мусаватисттерди бийликтен кулатуу, өлкөдө пролетариаттын диктатурасын орнотуу үчүн эмгекчилердин арасында зор уюштуруу иштерин жүргүзүштү. 28-апрелге караган түнү Бакуда башталган жумушчулардын көтөрүлүшү мусаватисттердин бурж.-помещиктик бийлигин кулатты. Бардык бийлик А. ревкомунун колуна өтүп, ал А-ды Сов. Соц. Респ-ка деп жарыялады. Бакулук жумушчуларга 11-Кызыл Армия жардам берди. 1921-ж. А. Советинин 1-съездинде Респ-канын биринчи Конституциясы кабыл алынды. 1922-ж. 30-декабрда ЗСФСРдин составында СССРге кирди. А-дын составында Тоолу Карабах АОсу (1923) ж-а Нахичевань АССРи (1924) түзүлдү. Соц. курулуштун жылдарында соц. индустриялаштыруу, а. ч-сын коллективдештирүү ж-а маданий рев-янын милдеттери чечилип, А. социализм жолуна өттү. 1935-ж. 15-мартта социализмдин курулушундагы жетишкен ийгиликтери ж-а респканын 15 жылдык юбилейине байланыштуу А. ССРи Ленин ордени м-н сыйланды. 1936-ж. А. союздук респ-ка катарында СССРдин составына кирди. 1937-ж. 14-мартта Азерб. ССРинин жаңы Конституциясы кабыл алынды. Улуу Ата Мек. Согуштун (1941—45) жылдарында боордош совет эли м-н бирге немец фашисттерди талкалоого активдүү катышып, миңдеген азербайжандар ордендер ж-а медалдар м-н сыйланды, 100 дөн ашыгы Сов. Союз. Баатыры деген наамга татыктуу болушту. Согуш жылдарында Баку өлкөдө өндүрүлгөн нефтинин 70% берди. Баку ш. Сов. куралдуу күчтөрдүн арсеналдарынын бири болду. Согуш жылдарындагы каармандык эмгектери үчүн респ-канын миңдеген жумушчулары, колхозчулары ж-а интеллигенциянын өкүлдөрү Сов. Союз. ордендери ж-а медалдары м-н сыйланышты. Согуштан кийинки жылдарда респ-канын экономикасын ж-а маданиятын өнүктүрүүдө эмгекчилер жаңы ийгиликтерге жетишишти: Сумгаит, Мингечаур, Дашкесан ж. б.



АЗЕРБАЙЖАН ССРи

АЗЕРБАЙЖАН ССРи, ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТА





1



2



3



4



5



6



7



8

Азербайжан ССР макаласына. 1. Ахундов атн. опера-балет театры. 2. Баку. Аэропорт. 3. Ахундов атн. респ-калык китепкана. 4. Кобыстандагы аскага түшүрүлгөн сүрөт. 5. Фуникулер. Нефть промыселине жол. 6. «Аршин мал алан» кинофильминен кадр. 7. Деңизден Бакунун көрүнүшү. 8. Баку.


1


2


3


4


5


6


7


8

Азербайжан ССР макаласына. 1. Баку. Нефтичилердин проспекти. 2. Азербайжан ИАнын Президиумунун имараты. 3. Сумгаит. Нефть химия комбинаты. 4. Баку. Орджоникидзенефть, автоматташтырылган 4-промысел. 5. М. Ф. Ахундовдун эстелиги. 6. Сумгаит. Трубапрокат з-ду. 7. Пахта жыйноо. 8. Жайлоодогу отор.

ири о. ж. борборлору курулду. Экономика ж-а маданиятты өнүктүрүүдөгү жетишкен зор ийгиликтери үчүн 1964-ж. 29-майда Азерб. ССРи 2-жолу Ленин ордени м-н сыйланды. А. эмгекчилеринин рев-ялык кыймылда, Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңиши ж-а соц. мамл-ти чыңдоо үчүн болгон күрөштөгү зор эмгеги үчүн, биздин Родинанын душмандарына каршы күрөштө көрсөткөн каармандыгы ж-а коммунисттик курулуштагы ийгиликтери үчүн Азерб. ССРи 1970-ж. Октябрь Революциясы ордени, СССРдин түзүлгөнүнүн 50 жылдыгына байланыштуу 1972-ж. декабрда Элдердин достугу ордени м-н сыйланды.

Азербайжан коммунисттик партиясы — КПССтин күжүрмөн отряддарынын бири, анын ажырагыс бөлүгү. 1898-ж. сүргүндө жүргөн орус с.-д. Бакуда алдыңкы катардагы жумушчуларды бириктирген марксстик кружокторду негиздешкен. 1900-ж. Бакуда с.-д. кружоктордун жетекчи борбору түзүлдү. 1901-ж. лениндик «Искра» багытындагы биринчи Бакулук с.-д. комитет уюштурулуп, бул кружоктор бириктирилип, бирдиктүү партиялык уюмдарды түзүүгө негиз салды ж-а АКПнин ядросу болуп калды. Бакунун с.-д. уюмдары лениндик «Искранын» позициясына бекем турушуп, РСДРПнин 2-съездин чакыруу үчүн активдүү күрөшүштү. Съезддеп кийин БК лениндик позицияга өттү. Съезддин чечимдерин жетекчиликке алып, А-дын большевиктери эмгекчилерди интерн. духта тарбиялоо жумуштарын кеңири жүргүзүштү. Баку комитети 1905-ж. февралда РСДРПнин 3-съездин чакыруунун зарылдыгы ж-дө резолюция кабыл алды. Бул съездге П. А. Джапаридзе Бакунун большевиктик уюмунан делегат болуп катышты. Революция чегинген шарттарда да пролет. Баку большевизмдин тиреги болуп кала берди. Бул күрөшкө М. А. Азизбеков, Г. И. Агасиев, П. А. Джапаридзе, М. С. Ольминский, С. М. Эфендиев, Г. К. Орджоникидзе, И. В. Сталин, С. С. Спандарян, И. Т. Фиолетов, С. Г. Шаумян ж. б. профессионал революционерлер жетекчилик кылышкан. Эмгекчилерди баш коштуруу үчүн Бакунун большевиктери легалдык ж-а легалдык эмес мүмкүнчүлүктөрдү билгичтик м-н пайдаланышып, жумушчу кыймылындагы буржуазиянын агентурасына—отзовисттерге, ликвидаторлорго каршы күрөш жүргүзүштү. Революциянын жаңыдан жогорулоо ж-а 1-дүйнөлүк согуштун жылдарында А. большевиктери пролет. интернационализмге чыныгы берилгендиктин духунча кала берди. Алар Бүткүл росс. 6-(Прага) конференциясын даярдоого ж-а откөрүүгө активдүү катышты. 1915-ж. Бакуда Кавказ большевиктеринин кеңешмеси болуп, анда партиянын Кавбюросу шайланды. А-дын большевиктик уюмдары бурж.-ар кандай улутчулдарга — панисламисттерге, пантюркисттерге, мусаватисттерге, дашнактарга каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүп, бардык улуттардын эмгекчилерин интернационализмге тарбиялашты. 1917-ж. Февр. рев-ясынын мезгилинде Бакуда РСДРПнин бириккен уюму болуп, ал А-да рев-чыл кыймылдын өсүшүнө тоскоолдук кылган. 1917-ж. 25-июнда (8-июль) большевиктердин Жалпы бакулук конференциясы болуп, РСДРП(б)нин Бакулук комитетин шайлады. А-дын большевиктери Убактылуу өкмөттүн элге каршы саясатын, эсерлер м-н меньшевиктердин оппортунизмин, дашнактар м-н мусаватисттердин улутчулдугун ашкерелешти. Петербургда Окт. куралдуу көтөрүлүшү жеңгенден кийин, 1917-ж. 2(15)-ноябрда Бакуда Совет бийлиги жарыяланды. Эң оор саясий кырдаалдарда А. большевиктери Совет бийлигин чыңдоо үчүн рев-чыл бардык күчтөрдү мобилизациялады. 1918-ж. 25-апрелде Бакунун жалпы партконференциясынын чечими б-ча Баку ЭКСи түзүлдү. 1918-ж. июлда ички контррев-чылар м-н чет өлкөлүк интервенциянын бириккен күчтөрү Бакудагы Совет бийлигин убактылуу жеңилишке учуратты. Партиялык уюм подпольеге өтүп, 1919-ж. кайрадан Бакулук большевиктик уюмдун ядросу түзүлөт. 1920-ж. 11—12-февралда Бакуда А-дын коммунисттик уюмдарынын легалдуу эмес 1-съезди болуп, ал А-дагы бүткүл коммунисттик уюмдарды А. Коммунисттер (большевиктер) партиясына [АКП(б)] бириктирди. Совет бийлиги орногондон кийин, АКП(б) реси-канын эл чарбасын калыбына келтирүү, соц. экономиканын негизин түзүү үчүн эмгекчилердин күрөшүнө жетекчилик кылды. А-да соц. коомду курууда РКП(б)нин 10-съездинин мурда эзилген элдердин ич жүзүндө теңсиздигин жоюу ж-а жумушчулар м-н дыйкандардын экон. бекем союзун чыңдоо ж-дегү чечимдери чоң роль ойноду. Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н А. элинин экон., коомдук-саясий ж-а маданий турмушунда улуу өзгөрүштөр болуп, А. формасы улуттук ж-а мазмуну социалисттик жогорку маданияты гүлдөгөн индустр.-колхоздук реси-ка-


Мингечаур ГЭСи.

га айланды. Улуу Ата Мек. согуштун жылдарында А. коммунисттери душманга сокку берүүгө бардык күч аракеттерди жумшашты. 1941-ж. республиканын нефтичилери өлкөгө 23 млн. 541 миң *т* нефти берди. Согуштун алгачкы жылдарында эле А-дын компартиясынын мүчөлөрүнүн жарымынан көбүрөөгү фронтко кетишип, Ата журттун эркиндиги үчүн баатырдык м-н салгылашышты. Согуштан кийинки жылдарда А. коммунисттери партиялык уюмдардын күжүрмөндүүлүгүн чыңдап, респ-каныи эл чарбасын, маданиятын андан ары кайра өнүктүрүү үчүн болгон эл массасынын күрөшүнө жетекчилик кылды. А. Компартиясынын катарында (1973-ж. 1-янв.) 259489 мүчөсү ж-а 10256 мүчөлүгүнө кандидаты бар. Партиянын программасын турмушка ашыруу м-н КПССтин 24-съездинин ж-а КПСС БКнын кийинки пленумдарынын чечимдерин жетекчиликке алган А-дын Компартиясы коммунизмдин материалдык-техн. базасын түзүү, коммунисттик коомду куруу үчүн талыкпастан күрөшүп жаткан респ-каныи эмгекчилеринин алдында баратат.

Азербайжан Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу — ВЛКСМдин күжүрмөн отряддарынын бири. Окуучу жаштардын түңгүч уюмдары Бакуда,

Анжир жыйноо.





Шеки шаарындагы шекилик хандардын дворецы. 18-к.

А-дын башка шаарларында 1903—07-ж-да эле пайда болгон. Жаштар уюмун түзүү үчүн РСДРП(б)нин 6-съездинин (1917-ж. авг.) «Жаштар союздары жөнүндө» деген чечиминин зор мааниси болду. 1918-ж. Бакунун ж-а анын райондорунун жумушчу жаштарынын интерн. союзу — А. комсомолунун ядросу түзүлдү. Бул союз Бакуда Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөштө чоң роль ойноду. Анын мүчөлөрү мусаватисттер м-н интервенттердин террорунун шарттарында да өз иш-аракеттерин токтотушкан жок. Жаштар союзунун 1-съездинде (1920-ж. 16—19-июнь) респ-канын комсомол уюмдары А. жаштарынын коммунисттик союзуна бириктирилди. А. комсомол эл чарбасы калыбына келтирүүдө, соц. индустриялаштыруу ж-а а. ч-сын коллективдештирүүдө, маданий рев-яны ишке ашырууда А. партиялык уюмдарынын ишенимдүү жардамчысы болду. Улуу Ата Мек. согуштун жылдарында комсомолдор эрдиктин үлгүлөрүн көрсөтүштү. Согуштун алгачкы эки жылында 104 уюмдун комсомолдору бүтүндөй дээрлик майданга аттанышты. Согуштан кийинки жылдарда А. комсомолу а. ч-сын андан ары өнүктүрүү, социализмди курууну аяктоо ж-а коммунисттик коомду куруу үчүн бүткүл элдик күрөшкө активдүү катышты. А. комсомолунун 560 115 мүчөсү (1973-ж. 1-янв.) бар.

Профессионалдык союздары—СССРдин профсоюздарынын составдуу бөлүгү. Биринчи орус рев-ясынын мезгилинде пролет. кыймылдын кубаттуу өнүгүшү м-н пайда болгон. 1906-ж. октябрдын аягында Бакуда 12 миңден ашык адамды бириктирген 20га жакын профсоюз уюму болгон. 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин профсоюз уюмдары массалык түрдө түзүлө баштады. Совет бийлиги орногондон кийин, 1920-ж-дын 29-августунан 6-сентябрына чейин Бакуда А. профсоюз уюмдарынын 1-съезди болуп өткөн. Улуу Ата Мек. согуштун жылдарында А. профсоюздары респ-канын эмгекчилерин фронтту күйүүчү материалдар м-н үзгүлтүксүз камсыз кылууга мобилизациялап, согушка керектүү өндүрүштү тезирээк кеңейтүүгө жардам берди. Согуштан кийинки жылдарда А. профсоюздары эл чарбасы м-н маданиятын өнүктүрүүгө, бүткүл элдик соц. мелдешти уюштурууга активдүү катышып жатат.



«Кыз мунарасы» балетинен көрүнүш.

Эл чарбасы. А. — а. ч. өнүккөн индустриялуу респ-ка, СССРдин эл чарбасында нефть, нефтини иштетүү, газ өндүрүү ө. ж. ж-а аларга байланыштуу хим. ө. ж., машина жасоо б-ча белгилүү орунду ээлейт. Жибек, кебезден кездеме токуу, вино чыгаруу ж-а консерва ө. ж. бүткүл союздук мааниге ээ. А. ч-сынан пахта, жашылча, аңчылык, жүзүм, жибек, тамеки, чай ж-а мал чарбачылыгы жакшы өнүккөн.

Ө. ж-нын структурасында оор индустрия басымдуулук кылат. Кара ж-а түстүү металлургия, машина жасоо, курулуш материалдарынын ө. ж-ы тез өнүгүүдө. 1972-ж. 1949-жылга салыштырганда ө. ж-нын продукциясы 6 эсе өскөн. А.—СССРдеги мурдатан эле белгилүү нефть, газ өндүрүүчү райондордун бири. Нефть негизинен Карадаг-Дуванин, Зыря-Гюргян р-ндорунан өндүрүлөт. Карадаг газы Баку, Сумгаит, Кировабад, Тбилиси, Ереван ш-ларын камсыз кылат. Машина куруу, металл иштетүү ж-а курулуш материалдарын өндүрүү негизинен нефть ж-а газ өндүрүүгө керектүү жабдууларды даярдоого адистештирилген. Химия ө. ж. ар түрдүү буюмдарды (синтетикалык каучук, автомобиль тетиктери, жасалма була, пластмасса, жер семирткичтер ж. б.) өндүрөт. Совет бийлигинин мезгилинде Бакуда электр машиналарын куруу, Кишлиде машина куруу, подшипник, Кировабад м-н Бакуда прибор ж-а радио жасап чыгаруу з-ддору курулган. Баку, Сумгаит, Кировабад, Степанакерт ш-ларында алюминий металлургия ж-а курулуш материалдарын чыгаруучу ө. ж. ишканалары, пахта з-ду, кездеме ж-а жибек токуу комбинаттары бар. Жемиш, консерва, шарап-коньяк ж-а тамеки, балык ө. ж. иштейт. Тоолуу р-ндордо май, сыр ж. б. продукцияларды чыгаруучу ө. ж-лары өнүккөн. Баку, Кировабад ш-ларында эт комбинаттары бар. Электр энергиясын өндүрүү б-ча РСФСР, Украина ж-а Казакстандан кийин 4-орунда.

А-да Совет бийлигинин мезгилинде механизациялаштырылган ири а. ч. пайда болду. А. ч-нын дүң продукциясы 1972-ж. 1913-жылга салыштырганда 4 эседен көп өскөн. А. ч-на жарактуу 4,3 млн *га* жердин (1971) 1,7 млн-у айдоо, 2,3 млн-у чабынды ж-а жайыт. Жогорку Ширван, Жогорку Карабах ж-а Самур-Апшерон ири каналдары курулган. Респ-када жогорку сапаттагы тамеки (Самсон, Трабзон), чай, пахта өстүрүлөт. Дан эгиндери тоо этектери м-н Муган түздүгүнүн түштүгүндө айдалат. Ленкоран, Шеки-Закаталь р-ндорунда күрүч эгилет. Куба-Хачмас р-ну, Апшерон ж. а., Ленкоран ж-а Кура-Аракс ойдуңдарында багбанчылык, жашылчачылык ж-а жүзүмчүлүк өнүккөн. Куба-Хачмас р-ну, Нахичевань АССРи, Тоолуу Карабах АО, Кура-Аракс ойдуңу, Апшерон ж. а. анар, анжир, бадам өстүрүүгө адистештирилген. А. ч. кирешесинин 25%тин мал чарба продукциясы түзөт. Тоолуу р-ндордо, Нахичевань АССРи м-н Апшерон ж. а-да кой чарбасы өнүккөн.

Транспорту жакшы өнүккөн, жүк ташуунун 62% т. ж. транспортунун үлүшүнө туура келет. Т. ж. тармагынын уз. 1810 *км* (1971). Деңиз транспортунун да мааниси чоң. Баку—Алят—Сальяны, Евлах—Агдам, Евлах—Кировабад—Казах ж. б. автомобиль жолдору бар. А-ды аба жолу СССРдин ири ө. ж. ж-а экон. борборлору м-н байланыштырып турат. Респ-канын ички аба жолдору да жакшы өнүккөн. Баку—Батуми, Али-Байрамлы—Баку нефть, Карадаг—Акстафа, Карадаг—Сумгаит, Али-Байрамлы—Карадаг газ өткөргүч түтүктөрү курулган.

Саламаттык сактоо. А-дын экономикасы м-н маданиятынын өнүгүшү саламаттык сактоо ишинин өсүшүнө чоң өбөлгө түздү. 1972-ж. ар миң адамга эсептегенде, төрөлгөндөр 25,6, өлгөндөр 6,6 (1913-ж. 25,5); балдардын өлүмү тирүү төрөлгөн ар миң балага 33,8 ди түзгөн. 1972-ж. адамдын орточо өмүрү 72 (1913-ж. 27) жашты түзүп, узак жашоочулардын саны б-ча СССРде 1-орунду ээлеген. А-да безгек, трахома, чечек оорулары жоюлуп, учук м-н тери оорулары жыл сайын кескин азаюуда. 1913-ж. 1,1 миң койкалуу ооруканада 353 врач иштесе, 1973-ж. 51,3 миң койкалуу 738 ооруканада 13,9 миң врач иштеген.

Элге билим берүү, маданий-агартуу мекемелери. А-да биринчи мектептер 5-к-да пайда болгон. 7-к-да арабча мектептер, 10—11-к-да медиреселер түзүлгөн. 19-к-да түн. А. Россияга кошулгандан кийин, башталгыч орус мектептери ачылган. 1914—15-окуу ж-да 943 башталгыч, 18 жогорку башталгыч, 15 орто мектепте 73 миң бала окуган. Бирок балдардын көпчүлүгүнүн, айрыкча жерг. улуттук балдарынын билим алууга мүмкүнчүлүктөрү болгон эмес. Улуу Окт. рев-ясынан кийин А-да окуу-агартуу маселеси ж-дө декреттер, жоболор кабыл алынып, сабатсыздыкты жоюу чаралары

жүргүзүлгөн. Респ-када жалпыга милдеттүү башталгыч, 7 жылдык, 8 жылдык, 10 жылдык билим берүү ишке ашырылган. А-да 1969-ж. мектепке чейинки 1213 мекеме иштеген. 1973—74-окуу ж-да жалпы билим берүүчү 4717 мектепте 1608 миң окуучу, 77 атайын орто окуу жайында 70 миң окуучу, 15 жогорку окуу жайында 98 миң студент окуган. А-да 1973-ж. 3244 массалык китепкана, 2521 клуб, 2127 киноустановка, 38 музей, 13 театр болгон.

Илим жана илимий мекемелери. А-да табигый илимдин өнүгүшү байыркы доорго таандык. 11—13-к-да матем., астрон., мед. ж. б. илим тармактары бир кыйла өнүккөн. 1259-ж. белгилүү астроном ж-а математик Насирэддин Туси Марага обсерваториясын негиздеген. 19-к-дын 2-жарымында негизинен нефть табуу ж-а иштеп чыгуу б-ча илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңиши Азербайжанда илимдин өнүгүшүнө кеңири мүмкүнчүлүк түздү: Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле Азерб. мамл. ун-ти иштей баштады. Карамагына 21 институт ж-а илимий мекемелерди бириктирген респ-канын илимий борбору—Азерб. ССР ИАсы түзүлгөн (1945). 1940-ж-да жогорку окуу жайларын кошуп эсептегенде, 70 илимий мекеме м-н уюмдарда 15700 дөн ашуун илимий кызматкер иштеген. Аларда 88 академик ж-а мүчө-корр., илимдин 507 доктору, 4515 кандидаты болгон.

Басма сөз, радио угузуу, теле көрсөтүү. Азерб. тилинде мезгилдүү басма сөз 19-к-дын 30-ж-дарында пайда болду. Агартуучу Г. Зардаби чыгарган «Экинчи» («Кошчу», 1875—77) газетасы азерб. демократтык басма сөзүнө негиз салган. 1901—06-ж-да Бакуда партиялык жашыруун «Нина» басмаканасы лениндик «Искра» газетасын ж. б. маркстик адабияттарды басып турган. Совет бийлигинин убагында респ-канын басма сөзү дүркүрөп өстү. Азерб. мамл. «Азернешр» (Азерб. мамл. басмасы), «Маариф» («Агартуу»), «Гянджлика» («Молодость») ж. б. басмалар түзүлдү. 1973-ж. тиражы 12 243 миң нуска 1283 китеп, брошюра чыгарылды. А-да 1973-ж. тиражы 2422 миң 116 наамдагы газета, тиражы 1712 миң 150 журнал чыгарылган. «Коммунист», «Совет кенди» («Советтик село»), «Азербайжан муаллими», «Азербайжан коммунисти», «Кирпи» ж. б. респ-калык газета-журналдар бар. Бакуда биринчи радио угузуу 1926-ж. башталган. Радио угузуу, теле көрсөтүү азерб., орус, армян тилдеринде берилет. 1956-ж-дан бери «Баку» теле борбору эки программада көрсөтөт. 1959-ж-дан Нахичевань теле борб. иштейт. 1968-ж. телефильм чыгаруучу «Экран» чыгармачылык бирикмеси түзүлгөн. Радио ж-а теле көрсөтүү үйү бар.

Адабияты — байыркы бай адабияттын бири. Миңдеген жылдар бою айтылып келе жаткан эмгек, адамгерчилик мамилелер, үрп-адат ж-дөгү ырларда, макал-лакаптарда, күлкүлүү аңгемелерде элдин дүйнөнү көркөм аңдап-билүү өзгөчөлүгү, ой-тилектери чагылдырылган. А. элинин элдик оозеки поэтикалык чыгармаларынын үлгүлөрү түрк элдеринин байыркы ири адабий эстелиги — Махмуд Кашгаринин «Диван-и лугат-ат-түрк» деген сөздүгүндө кездешет. А. фольклорунда негизги орунду «Китаби Деде Коркуд», «Кёр-Оглы», «Шах Исмаил», «Асли жана Керем», «Ашыг-Гариб» дастандары ж. б. ээлейт. А. адабиятынын байыркы жазуу үлгүлөрүнүн көбү бизге жеткен жок. 11—12-к-да А. акындарынын бир тобунун араб, фарс тилдеринде жазган чыгармалары сакталып калган. 12-к-дагы азерб. поэзиясынын жетишкендиги дүйнөлүк поэзиянын эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири — Низами Ганджевинин чыгармачылыгына байланыштуу болгон. Акын-гуманист өз доорунда прогрессчил идеяларды жактоо м-н эзүүгө, адилетсиздикке ж-а зомбулукка каршы чыккан. 13-к-да А-да суфисттик багыттагы адабият өнүгөт. Хан сарайдагы акындардын поэзиясы акырындап күчүн жогото баштап, 14—15-к-да диндик-филос. окуу — хуруфизм күч алат. Хуруфизмди жактоочулар негизинен ислам дининин догмаларына, социалдык эзүүгө каршы чыгышкан. Мунун эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири — акын Имадеддин Несими 1-жолу А. тилинде диван жазган. 16-к-да Сефевиддердин мамлекети түзүлгөн мезгилден баштап, А. адабияты м-н маданиятынын өнүгүшү тездейт. 16-к-да Мухаммед Физули өзүнүн газелдеринде, А. поэзиясынын бермети болгон «Лейли-Межнун» поэмасында гумандуулуктун идеяларын даңазалаган. Физулинин чыгармачылыгы А. адабий тилинин калыптанышында маанилүү роль ойногон. 17—18-к-да классикалык жазма адабиятта элдик поэтикалык чыгармачылыктын таасири күчөйт. Ырдын формасы м-н тили жөнөкөйлөшүп элге түшүнүктүү боло баштайт. Говси Тебризи, Саиб Тебризи, Месихи ж. б. акындар Физулинин салтын улантышат. Видади м-н Вагифтин чыгармаларынан 18-к-дагы азерб. лирикасынын мыкты үлгүлөрүн кезиктирүүгө болот. Видадинин лирикасында кайгы, убайым тартуу басымдуу. Вагифтин лирикасына оптимизм мүнөздүү. Анын чыгармачылыгы азерб. поэзиясынын реализмге карай өнүгүү жолундагы маанилүү этап болду. 19-к-да классикалык поэзиянын салты күч алат. А-дын түндүгүнүн Россияга кошулушу м-н анын маданиятынын өнүгүшүндө зор бурулуштар болот, агартуу багытындагы адабият өнүгө баштайт. А-да адабияттын өнүгүшүнө А. драматургиясына негиз салуучу, философ-материалист, коомдук ишмер М. Ф. Ахундзаде (Ахундов) көрүнүктүү салым кошот. Анын көп кырдуу чыгармачылык ишмердиги Ж. Чыгыштагы коомдук прогрессчил ойлорду өнүктүрүүгө түрткү болгон. 20-к-дан баштап А-да рев-ялык демокр. адабият өнүгүп, Ж. Мамедкулизаде, М. А. Сабир анын көрүнүктүү өкүлдөрү болушкан. А-да Совет бийлигинин жеңиши (1920) А. адабиятынын өнүгүшүнө жаңы жол ачты. С. Рустам, С. Вургун, Р. Рза ж. б. акындар совет элдеринин достугу, эркин эмгеги, тынчтык үчүн болгон күрөшү ж-дө мыкты чыгармаларды жаратышты. С. Ордубады, С. Рагимов, М. Ибрагимов ж. б. жазуучулардын повесттери, романдары А. элинин рев-ялык күрөшүн, тарыхын, соц. улуу курулушун, совет элинин Улуу Ата Мек. согуштагы эрдигин чагылдырды. А-да адабият таануу илими, адабий сыны да ийгиликтүү өнүгүүдө. 1957—60-ж-да үч томдук «Азербайжан адабиятынын тарыхы», 1967-ж. эки томдук «Азербайжан совет адабиятынын тарыхы» жарыкка чыкты. А. алдыңкы акын-жазуучуларынын мыкты чыгармалары кыргыз тилине которулган.



Кировобад. Низами мавзолейи.

Архитектура жана сүрөт искусствосу. А-дын аймагында көптөгөн байыркы архит. ж-а сүрөт иск-восунун эстеликтери сакталган. Арабдардын үстөмдүк кылышы (7-к.) ж-а ислам дининин таркатылышы м-н жаңы типтеги курулуштар (мечит, медиресе, күмбөз ж. б.) пайда болгон. 9—10-к-да жандуу нерселердин сүрөттөрүн тартуунун чектелиши декоративдик иск-вонун орнаменталдуу формасынын өнүгүшүнө шарт түздү. О. кылымдагы архитекторлор м-н көркөм өнөр устаттарынын баалуу иск-восу арх. Аджеми курган (Нахичевандагы) Юсуфдун, Кусейр уулунун (Марагадагы), Джугадагы күмбөздөрдөн, Бакудагы Кыздар мунарасынан (Кыз каласы, 12-к.), 13-к-дагы Мардакяндагы, Нардарандагы, Пирсагат суусунун боюндагы Ханегидеги сепилдерден ачык-айкын көрүнүп турат. А-да сов.

архитектураның өсүш жолу Бакунун чет жакаларында жумушчу посёлкторунун ген. долбоорунун планын түзүү (1922) м-н байланыштуу. 1934—40-ж-да С. Дадашев ж-а М. Усейнов сыяктуу архитекторлор консерваториянын, Низами атн. музейдин, Азерб. КП БКнын ж-а Министрлер Советинин имараттарынын долбоорлорун иштеп чыгышты. Улуу Ата Мек. согуштан кийин архитекторлор Бакунун ж-а индустр. жаңы борборлор — Сумгаит, Мингечаур, Дашкесан, Нахичевань ж. б. ш-лардын жаңы планын түзө башташты. 1920—50-ж-да А-дын сов. улуттук сүрөт иск-восунун калыптануу мезгили болду. П. В. Сабсай, Ф. Г. Абдурахманов, Д. М. Карягды, А. А. Азимзаде, И. Г. Ахундов, Г. А. Халыков, С. А. Саламзаде, С. Б. Бахлулзаде, Б. А. Мирзазаде, Т. А. Тагиев ж. б-дын чыгармачылыгынан, алардын пейзаждагы ж-а изденүүлөрүн көрүүгө болот. Республиканын кайталангыс улуттук живопистик мектебине М. Г. Абдуллаев, Н. Г. Абдурахманов, А. А. Жафаров, Т. Г. Салахов ж. б. таланттуу живописчилер кирет.

Музыкасы. А. элдик муз-сы илгертеден башталып, эмгек процесстери, элдик салтанат, диний үрп-адаттар м-н тыгыз байланыштуу болгон. Формасы жагынан ж-а жанрынын ар түрдүүлүгү м-н айырмаланган фольклордук иск-вонун алкагында өнүккөн. А. элдик муз-сы негизинен бир үндүү; ал эми вокалдык аспаптык формаларда көп үндүүлүктүн элементтери байкалат. Муз. аспаптары: тар, саз, канон, уд, кеманча, түтөк, баламан, нагара, гоша-нагара, дэф ж. б. Азыркы муз. маданиятына 20-к-дын башында У. Гаджибеков негиз салган. Анын «Лейли менен Межнун» аттуу алгачкы операсы 1908-ж. коюлган. А. муз-сы, Совет бийлиги орногондон кийин, дүркүрөп өстү. Айрыкча, 50-ж-дардын аягында А. муз-сы дүйнөлүк муз. иск-вонун бийиктигине көтөрүлдү. К. Караевдин балеттери, симфониялары сов. муз. классикалык чыгармалардын катарына кошулду. А-да опера ж-а балет театры, консерваториясы, муз. окуу жайлары (1921), эл аспаптар оркестри (1931), Композиторлор союзу (1934), симф. оркестри (1938) уюшулду.

Театры. А. элинин театр иск-восу байыркы элдик бийлерден, оюн-зооктордон башталат. 19-к-дын башталышында профессионалдык театр өнүгө баштаган. Көрүнүктүү жазуучу ж-а драматург М. Ф. Ахундовдун драмалары Петербургда (1851), Тбилисиде (1852) орус тилинде коюлган. 19-к-дын акырында азерб. тилиндеги спектаклдер көп шаарларда корсөтүлгөн. Театрдык оюндарды коюуда А. элинин көрүнүктүү агартуучу-драматургдары Н. Ф. ж-а Г. Везировдор, Н. Н. Нариманов, А. Б. Ахвердов, С. С. Ахундов, Дж. Мамедкулизаде, У. Гаджибековдор зор роль ойношту. А-да Совет бийлиги орногондон кийин, кино тармактары мамлекеттин карамагына өткөн. 1923-ж. фотокино башкармасы (АФКУ) түзүлүп, киностудияда режиссёр ж-а актёрлор даярдалды. Дж. Джабарлы, А. М. Шарифзаде, А. С. Кулиев, М. Ю. Микаилов, С. М. Марданов ж. б. кино ишмерлери өсүп чыгышты. Алар «Алланын амири менен» (1925), «Гаджи Кара» (1929), «Литиф» (1930) ж. б. картиналарды жаратышты. 50-ж-дардын 2-жарымынан тартып көркөм фильмдерди чыгаруу кескин түрдө көбөйдү. «Анын кең пейил жүрөгү» (1959, реж. А. М. Ибрагимов), «Телефончу кыз» (1962, реж. Г. Сеидбейли), «Байыр алган адам» (1968, реж. А. Бабаев) ж. б. фильмдер ушул жылдары тартылган. Сов. Союз. Баатыры Мехти Гусейин-Задеге арналган «Ыраакы жээктерде» (1956, реж. Т. М. Тагизаде), «Мосфильм» м-н бирдикте иштелген «Бакулук 26 комиссар» (1966, реж. А. М. Ибрагимов) фильмдери зор ийгиликтерге жетишти. 1965-ж. Азерб. ССРинин кинематографисттер союзу түзүлдү. Дж. Джабарлы атн. «Азербайжанфильм» киностудиясы түстүү, кең экрандуу фильмдерди чыгарып турат.

Ад.: Ленин В. И., Об Азербайджане, Сб., Баку, 1959; История Азербайджана, т. 1—3, Баку, 1958—63; Очерки по древней истории Азербайджана, Баку, 1956; Азербайджан в годы первой русской революции, Баку, 1965; Расцвет экономики Азербайджана, Баку, 1967; Азербайджанская ССР, М., 1957; Физическая география Азербайджанской ССР, М., 1959; Геоморфология Азербайджана, Баку, 1959; Геология нефтяных и газовых месторождений Азербайджана, М., 1966; Очерки истории Коммунистической партии Азербайджана, Баку, 1964; Развитие науки в Советском Азербайджане. Сб. ст., Баку, 1967; Литература азербайджанского народа, Баку, 1958; Касимзаде Ф., Очерки по истории азербайджанской литературы XIX века, Баку, 1962; Искусство Азербайджана, т. 1—12, Баку, 1949—68; Архитектура Азербайджана. Очерки, Баку, 1952; Мамедова Ш., Пути развития азербайджанского музыкального театра, М., 1931.

АЗЕРБАЙЖАН ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ — Азерб. ССРинин жогорку илимий мекемеси. СССР ИАнын Бакудагы Азерб. филиалынын базасында 1945-ж. негизделген. Анда (1974) 54 академик ж-а 45 мүчө-корр. бар. Академиянын 6 (физика-тех. ж-а матем., хим., Жерди изилдөө, биол., коомдук, мед. илимдердин) бөлүмдөрүндө 22 ил. из. ин-ту иштейт. Музейлери, илимий базалары, Радиация изилдөө сектору, Ботан. багы, ири китепканасы, ил. из. мекемелери, кол жаама фондусу бар. Академияда азерб. ж-а орус тилдеринде ин-ттардын илимий эмгектери басылып турат.

АЗЕРБАЙЖАН ТИЛИ — СССРде (1970; 4297,2 миң адам сүйлөйт) ж-а чет өлкөлөрдө жашаган азербайжандардын тили. Түрк тилдеринин түш.-бат., же огуз группасына кирет. А. т. диалектилик 4 топко: чыгыш (куба, баку, шемаха диалектилери, муган, ленкоран говорлору), батыш (казах, карабах, гянжа диалектилери, айрым говору), түндүк (нух диалекти, закаталах говору) ж-а түштүк (нахичевань, ордубад, тебриз диалектилерине ж-а ереван говоруна) болуп бөлүнөт. Азерб. адабий тили баку ж-а шемаха диалектилеринин негизинде калыптанган. Азерб. эли 1929-ж-га чейин араб алфавитинде, 1929—40-ж-да латын ж-а 1940-ждан тартып, А. т-не мүнөздүү тыбыштардын 8 тамгасын кошуу м-н орус графикасынын негизиндеги жазууга өттү. Совет бийлигинин жылдарында А. т-нин сөздүк составы байып, улуттук жазуусу, адабий тилинин стилдик нормалары калыптанды.

Ад.: Ширалиев М. Ш., Азербайджанский диалектологиясынын асаслары, Баку, 1962; Дэмирчизадэ Э., Азэри эдэби дили тарихи, Баку, 1967; Грамматика азербайджанского языка, Баку, 1971.

АЗЕРБАЙЖАН ТОО МЕРИНОСУ — уяң жүндүү кой. Меринос соолуктар аскания, кавказ уяң жүндүү породаларынын кочкорлору м-н аргындаштырылып, Азербайжанда чыгарылган.



Буга кылчык жүндүү бозах кою м-н уяң жүндүү аргындар да катышкан. 1948-ж. порода катары бекитилген. Башка мериносторго караганда чырак келип, тоолуу жерге ыңгайлашкан. Тирүүлөй салм.: кочкорунуку 80—90 *кг* (кээсиники 120 *кг*); соолугунуку 45—55 *кг* (чандасы 80 *кг*). Кочкорунан — 8—10 *кг* (мыктысынан — 16), соолугунан 4,5—5 *кг* жун алынат. Көбүнчө Азерб. ССРинде өстүрүлөт. А. т. м. жерг. койлордун жүнүн жакшыртуу үчүн асыл тукум ишинде пайдаланылууда.

АЗЕРБАЙЖАН УНИВЕРСИТЕТИ С. М. Киров атындагы — 1919-ж.

Бакуда ачылып, мед. ж-а тарых-филол. ф-теттери болгон. 1924-ж-дан Азерб. ун-ти деп аталган. 1930-ж. өз алдынча вуздарга (мед., пед., эл чарба ж. б.) бөлүнгөн. 1934-ж. кайра ун-т болуп, С. М. Кировдун ысмы коюлган. Мында белгилүү окумуштуулар: Н. Я. Марр, В. И. Разумовский, В. В. Бартольд, И. И. Мещанинов ж. б-лар сабак беришкен. Ун-ттин 12 факультетинде окуу азерб., орус тилдеринде жүргүзүлөт. 1968—69-окуу жылында 11 миңден ашык студент окуган, 64 кафедрада 600 окутуучу, анын 74ү — профессор ж-а илимдин доктору, 327си — доцент ж-а илимдин кандидаты. Ун-т ачылгандан бери 27 миңден ашуун жогорку квалификациялуу адисти даярдан чыгарган.

АЗЕРБАЙЖАНДАР, азербайжандылар, азерилер — улут. Азерб. ССРинин негизги калкы. А. ГССР, Арм., Каз., Өзб., Кырг. ССРлеринде о. эле Дагестан АССРинде да жашайт. СССРдеги А-дын саны 5,5 млн-го жакын (1973). Иранда, Иракта ж-а Турцияда да 4 млн. А. бар. Алар азерб. тилинде сүйлөшөт. Мусулман динин тутуп келишкен. А. тарыхый адабияттарда ж-а атайын документтерде түрктөр, татарлар деп жазылган. 11—13-к-да А-ды түрк (айрыкча селжук) уруулары басып алып, анда отурукташкан жерг. калк м-н биргелешип, азерб. элинин уюткусун түзгөн. Түн. А-дын Россияга кошулушу (1813—1828) аны түрк ж-а ирандык басып алуучулардан куткарып, капитализмдин өнүгүшүнө өбөлгө түздү, А. улутунун андан ары консолидациялануусуна жардам берди. А-да Совет бийлигинин орнотулушу (1920) А-дын биротоло соц. улут болуп калыптанышына, маданиятынын, экономикасынын өнүгүшүнө алып келди. А. улуту айрым, карапанах, падар, шахсевен, карадаг, афшар деген этногр. топтордон түзүлгөн. Геогр. шартка жараша мал чарбачылык, дыйканчылык м-н кесип кылышкан. Азыр А.— адабияты, иск-восу өнүккөн маданияттуу эл.

АЗИЗ НЕСИН (чын аты-жөнү Махмуд Нусрет; 1915-ж. т.) — түрк жазуучусу, сатирик. Аскердик билим алган. Көркөм иск-во академиясында окуган. Сабахаттин Али чыгарган «Марко паша» газетасында иштеген. Кийин өкмөткө каршы макалаларды жарыялагандыгы үчүн ал газетага тыюу салынган. Көптөгөн күлкүлүү ачкемелердин, романдардын автору, саясий ж-а социалдык сатиранын чеберн. А. Н. «Бошонгон жиндилер», «Иш адамы» ачкемелерин жазган. Ал түрк турмушунун терс жактарын, партиялардын ортосундагы саясий келишпөөчүлүктү «Кайсы партия жеңет?» (1957), «Өлгөн эшек» (1958), «Азамат» (1959) аттуу чыгармаларында келекелейт. А. Н-дин сүйгөн каармандары — майда чиновниктер, жолу болбогон интеллигенттер, жумуш таба албай сенделип жүргөн кембагалдар.



Азиз Несин.



М. А. Азизбеков.



П. Азимов.



Р. Азимов.

А. Н. «Пил Хамди» (1956), «Казан азган» ачкемелери үчүн сатириктердин эл аралык конкурсунда «Пальма бутагы» сыйлыгын алууга эки жолу арызган. СССРде А. Н-дин «Иттин күйругу» (1958), «Тиги дүйнөдөн кат» (1960), «Сиздин саатыңыз нече болду?» (1970) китептери басылып, айрымдары кыргыз тилине которулган.

Чыг.: Собачьи хвосты. Юмористические рассказы, М., 1958; Если бы я был женщиной. Юмористические рассказы, М., 1961.

АЗИЗБЕКОВ Мешади Азим-бек-оглы (6. 1. 1876—20. 9. 1918) — Азербайжандагы рев-лык кыймылдын ишмери, түңгүч азербайжан марксисттеринин ж-а 26 Баку комиссарынын бири. 1898-ж-дан партиянын мүчөсү. Бакуда жумушчу үй-бүлөсүндө туулган. А. Бакудагы реальный окуу жайын, Петербург технол. ин-тун (1908) бүтүргөн. Рев-лык кыймылга 1897-ждан катыша баштайт. 1905—07-жж. рев-яга активдүү катышкан; «Гумет» с.-д. тобунун жетекчилеринин бири. 1913—14-ж-да Бакудагы иш таштоолорду уюштурган. 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин РСДРП(б) Баку комитетинин ж-а жумушчу депутаттар Советинин мүчөсү, 1917-ж. сентябрда Баку нефть промыселдери м-н заводдорундагы жалпы иш таштоого жетекчилик кылат. Бакуда Совет бийлигин орнотууга (1917-ж. окт.) ж-а мусаватисттердин антисов. козголоңун талкалоого (1918-ж. март) катышкан. Баку ЭКСте губ. комиссар ж-а ички иштер эл комиссарынын орун басары, дыйкандар депутаттарынын Баку уездик Советинин аткомунун председатели. Бакуну турциялык-герм. интервенттерден коргоону уюштурууга катышып, Бакуда Совет бийлиги убактысынча кулатылган кезде, (1918-ж. 31-июль), англ. интервенттер м-н өсөрлөр А-ду каман, бакулук башка комиссарлар м-н кошо атын таштаган.

АЗИЛЬ МАДАНИЯТЫ — таш доорундагы алгачкы мезолитке (б. з. ч. 8-к.) тиешелүү археол. маданият. 1887—89-ж. француз археологу Э. Пьет илимге киргизген. Түш. Франциядагы Мас-д' Азиль үңкүрүнүн аты м-н аталган. Негизинен Франциянын, о. эле ГФРдин аймагында таркаган. Аз. мад-тына сөөктөн ж-а мүйүздөн жасалган куралдар мүнөздүү, ал куралдар оттук таштын жука калкандары м-н миздеген. Бугунун мүйүзүнөн жалпак гарпундарды жасашкан.

АЗИМОВ Пигам (1915-ж. т.) — түркмөн совет тилчиси, Түркм. ССР ИАнын академиги (1951) ж-а президенти (1966), 1939-ж-дан КПССтин мүчөсү. А.— түркмөн тилинин грамматикасы, лексикасы, орфографиясы ж-а түркмөн адабий тили б-ча изилдөөлөрдүн, жогорку окуу жайлары м-н мектептер үчүн окуу китептеринин автору. Түркменстан КП БКнын мүчөсү, Түркм. ССР Жогорку Советинин (2—3—4—5—7-шайланыштарынын) депутаты. Ленин ордени ж. б. орденддер м-н сыйланган.

АЗИМОВ Розу (1925-ж. т., Ош обл., Сузак р-ну, Кызыл-Мехнат кыш.) — Сов. Союз. Баатыры (1944). 1945-ж-дан КПССтин мүчөсү. Ташкендеги пехоталык окуу жайынан Белоруссия фронтуна жөнөтүлгөн. 1944-ж. 23-июнда нем.-фаш. армиянын Витебск багытындагы коргонуу линиясын түн.-батышынан бузуп өтүүдө жолдошторуң эр жүрөктүүлүк м-н чабуулга баштан барган. Ал баштаган жоокерлер 1944-ж. 25-июнда Бат. Двина д-нан биринчилерден болуп өтүп, Витебскинин түштүгүнөн чабуул коюп бараткан 3-Белоруссия фронтунун жоокерлери м-н жолугушкан. Ошондо душман аскерлерин курчоого алып ж-а талкалоодо эрдик көрсөткөндүгү үчүн А-го Сов. Союз. Баатыры наамы берилген.

АЗИМУТ (ар. ас-сумут — жол, багыт) — байкоо чекитинин меридиан тегиздиги м-н өтөл чекит ж-а байкалып жаткан пункт аркылуу өткөн



О — байкоо жүргүзүү чекити, S — түштүк чекити, N — түндүк чекити, Z — байкоочунун төбөсүндөгү (асмандагы) эң бийик чекит (зенит), Е — асмандагы байкалган жарык чыгаруучу нерсе, ZEKO—асмандагы жарык чыгаруучу (Е), же жердеги нерсе аркылуу өтүүчү тик тегиздик, NK — өлчөнө турган азимут, С — жер бетинде байкалган нерсе.

тик тегиздиктин аралыгындагы бурч (к. сүрөт). Эгер ал геогр. меридиандан эсептелсе — чыныгы же астрон., ал эми магниттик меридиандан эсептелсе, магниттик А. деп аталат. А. саат жебесинин айлануу багыты б-ча 0° тан 360° ка чейин эсептелет (астрономияда түштүктөн батышка, геодезияда түндүктөн чыгышка карай). А. бурч өлчөгүч аспаптар (*теодолит, компас* ж. б.) м-н өлчөнөт.

АЗИНДЕР — көмүртек атомдорунан тышкары экиден кем эмес башка атому бар, жок дегенде анын бирөө азот атому болгон гетероциклдүү бирикмелер. Гетероатому жалаң гана азот атомунан турган. А-ге: диазиндер (I) ж-а триазиндер (II) кирет.



Ядродо азоттон тышкары башка гетероатомдору бар А-ге оксазин (III) ж-а тиазин (IV) таандык. А. негиздик касиетке ээ; кислоталар м-н туздарды пайда кылат. Алар түрдүү мед. препараттарды, ууландыруучу газдарды ж-а баалуу азин боёкторун алууда колдонулат.

АЗИРЕЙИЛ — ислам динindеги негизги төрт периштенин бири. А. кудайдын буйругу м-н адамдардын жанын алат имиш. Мусулмандардын А. ж-дөгү түшүнүгү байыркы замандагы бутпарастык, арабдардын башка диний ишенимдеринде кеңири таралган каардуу, коркунучтуу духтар ж-дөгү кыялый ойлордун монотеисттик диндеги көрүнүшү. А. ж-дөгү түшүнүктөр иудей ж-а христиан дининин үрп-адаттарынын таасиринде пайда болгон. Христиан динindеги 4 негизги периште — Жебирейил, Азирейил, Микаил, Исрофил наамы м-н исламга өткөн. Булар куранда алланын негизги периштелери деп аталган. Аларга түрдүү милдеттер тапшырылган: А. — жан алгыч, Жебирейил — кабарчы, Микаил — ааламды башкаруучу, Исрофил — акыреттеги көрнөй-сурнай тартуучу. Ил. атеизм ар кандай табигый күчтөргө, асыресе А-ге болгон ишенимдин негизсиз экендигин толук далилдеп, аны чечкиндүү түрдө четке кагат.

АЗИЯ (гр. Asia, балким ассир. asy — чыгыш дегенден) — дүйнөнүн эң чоң бөлүгү (бүткүл куркактыктын 30%ке жакыны), *Евразия* материгинин бир бөлүгү.

Жалпы маалымат. А. Түн. жарым шардын бардык геогр. алкактарынан орун алган. Малай архипелагы Түш. жарым шарга бир аз кирип турат. А. түндүктөн Түн. Муз, чыгыштан Тынч ж-а түштүктөн Инди океандары, түш.-батыштан Атлантика океанынын деңиздери (Жер Ортолук, Эгей, Мрамор, Кара, Азов) ж-а дүйнөдөгү эң ири көл — Каспий деңизи м-н курчалат. А-ны Америкадан Беринг кысыгы бөлүп, Африка м-н Суэц мойногу туташтырат. А. м-н Европанын чек арасы болжол м-н Уралдын чыг. этеги, Эмба ж-а Маныч д-лары аркылуу өтөт. Материктин аянты 43,4 млн. *км*² (Кавказ м-н), анын ичинен 8 млн. *км*² ге жакыны — жарым арал ж-а 2 млн. *км*² ден ашыгыраагы — арал. А-нын абс. бийиктиктери өтө ар түрдүү: дүйнөдөгү эң бийик чоку *Чомолунгма* (Гималай, 8848 *м*), өтө терең чуңкурлар (Байкал эөлеген жердин терең. 1620 *м*, Турпан ойоонунун абс. белгиси 154 *м*, ж. б.) бар. Түн. А., Чыг. А., Борб. А., Орто А., Түш. А. ж-а Бат. А. болуп, А. бир нече ири бөлүктөргө бөлүнөт.

Табияты. О р о г р а ф и я. А-нын ³/₄ бөлүгү тоолуу ж-а бөксө тоолуу; алардын эң бийиктери Борб. ж-а О. Азияда. А-дагы тоолор 2 чоң тилкеге бөлүнөт. Бири Чукоткадан баштанып, Колыма тайпак тоосу аркылуу Жугужур, Становой кырка тоолоруна өтүп, Түш. Сибирь, Тянь-Шань ж-а Гиссар-Алай тоолоруна чейин созулуп жатат. 2-тилке Алдыңкы Азия тайпак тоолорун, Памир, Кара-Корум, Тибет, Гималай тоолорун түзүп, андан түштүккө ж-а түш.-чыгышка имерилип, Малай архипелагына өтөт. Бул 2 тилкенин ортосунда Борб. А-нын көтөрүңкү түздүктөрү м-н бөксө тоолору орун алган. А-нын аянтынын 25%ке жакынын түздүктөр ээлейт. Алардын эң ирилери: Бат. Сибирь, Туран, Түн. Сибирь, Яна-Индигирка, Колыма, Улуу Кытай, Инди-Ганг, Месопотамия.

Рельефи. Азиянын азыркы рельефин негизинен мезозой ж-а альпы бүктөлүүлөрү, байыркы түзөңдөлүү процесстери, тоолордун эрозиялык тилмелениүлөрү м-н ойдуңдарда чөкмөлөрдүн топтолушу түзөт. Тоолордун байыркы түзөңдөлүүсүнөн пайда болгон Памир, Тянь-Шань ж-а Тибеттердеги бөксө тоолор (сырт) неоген-антропоген мезгилиндеги вертикалъ кыймылдардын натыйжасында 3—4 миң *м* бийиктикке, ал эми аларды курчап турган тоолор 6—8 миң *м* ге чейин көтөрүлгөн. Бул кыймылдар өзгөчө Борб. А-да күчтүү болгон. Эрозияның интенсивдүү кыймылдарынан байыркы бөксө тоолор өтө тилмеленип тоолуу өлкөлөргө айланган. Терең капчыгайлар Гималай, Куньлунь, Тянь-Шань, Памир ж. б. да өтө көп. Түн.-батышынан 60—64° түн. кеңдикке чейин жеткен муз каптоолордун издери сакталып калган. Байыркы, өзгөчө неоген-палеоген мезгилиндеги жанар тоолордун кыймылынан лавалык платолор, жаш жанар тоо тизмектери пайда болгон.

Геологиялык түзүлүшү ж-а пайдалуу кендери. А. кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон бир нече чоң *платформалардан* (Сибирь, Кытай-Корея, Түш. Кытай, Инди, Араб ж. а.) ж-а алардын аралыгынан орун алган ири бүктөлүү аймактарынан турат. Платформалар А. материгинин алгачкы ядролору болгон. *Палеозой, мезозой, кайнозой* заманларында пайда болгон геосинклиналдар платформаларды кошуп, А. материгин түзгөн. Платформалардын *фундаменти* кембрийге чейинки өтө метаморфизмделген кристаллдуу сланец, гнейс ж-а граниттерден туралып, көбүнчө *калкандар* м-н *антеклизалар* түрүндө жер бетине чыгып турат. Айрым жерде алар палеозой, мезозой, кээде кайнозой (Гималай тоосунун түш. тарабында ж. б.) заманында пайда болгон континенттик, деңиз чөкмөлөрүнүн катмарлары ж-а лавалар м-н басылып калган. Протерозойдун аягында, палеозойдун башында пайда болгон бүктөлүүлөр Сибирь платформасын түш. ж-а бат. тарабынан курчап турат. Бул бүктөлүү Борб. Казакстанда, Тянь-Шандын түн. бөлүгүндө ж-а Кытайдын түш.-чыг. райондорунда да болгон. *Герцин бүктөлүүлөрү* (Таймыр, Урал, Казакстан, Салаир, Түш. Алтай, Тянь-Шань ж. б.) болсо жалпы бир жааны пайда кылат. Мезозойдо бүктөлүү процесси Верхоян-Колыма, Чукот обл-тарындагы Сихотэ-Алинь ж-а Индокытайдагы таш көмүр, пермь, триас, юра алгачкы бор мезгилдеринде пайда болгон геосинклиналдык калың катмарларды камтыган. *Альпы бүктөлүүсү* чоң аянттагы Альпы-Гималай аймагында жайгашкан. Кайнозой мезгилинин аягынан баштап, азыркы учурга чейин өнүгүп жаткан бүктөлүү аймактар Тынч океандын жээктеринен (Бат. Камчатка, Сахалин, Хоккайдо, Тайвань, Калимантан) орун алып, алар Бирма-Суматрага чейин созулат. Бул аймактар азыркы мезгилде жер титирөөлөр, жанар тоолордун атылуулары ж-а тынымсыз тектоникалык кыймылдардын болуп турушу м-н мүнөздөлөт. А. түрдүү кендерге бай. Таш көмүр Кыргызстанда (Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Кызыл-Кыя, Кара-Кече), Казакстанда (Караганда), Сибирде (Кузнецк, Минусин, Тунгус), Кытайда, Кореяда, Индокытайда, Вьетнамда, Японияда. Нефтиге бай райондор: СССРде Закавказье, Бат. Сибирь, Түркм. ССРи, Мангышлак ж. а-ы, Каспий боюндагы ойдуң; чет өлкөлөрдө — Перс булуңунун аймагы, Кытай, Индонезия, Япония. Күйүүчү газдар СССРде (Өзбекстан, Бат. Сибирь ж. б.), Жакынкы ж-а О. Чыгыш өлкөлөрүндө; темир кендери Казакстанда (Кустанай), Сибирде, Кыргызстанда *(Жетим темир рудалуу бассейни)* Кытайда, Кореяда, Индияда кезигет. Закавказьеде, Индияда марганецтин эң ири кендери бар. Хром кендери Казакстанда, Турцияда, Филиппин а-дарында, Иранда; жез Казакстанда, Түн. Сибирде, Японияда; коргошун-цинк Кыргызстанда *(Сүй-*

сар полиметалл кени), Рудалуу Алтайда, Японияда, Кытайда, Бирмада, Вьетнамда; боксит кендери Казакстанда, Красноярск крайында, Индияда, Бирмада; калай Ы. Чыгышта, Чыг. Сибирде, Кыргызстанда, Түн. Кытайда, Бирмада, Индонезияда; алтын Сибирде, Приамурьеде, Түн. Казакстанда, Өзбекстанда, Кореяда, Японияда; алмаз Бат. Якутияда, Индияда. Сыман м-н сурьманын ири кендери Кыргызстан (Хайдаркен, Кадамжай ж. б.), Түн. Кытайда табылган. Фосфорит кендери Казакстанда (Каратау), Сибирде, Монголияда, Кытайда, Индияда; туз кендери О. Азияда, Сибирде, Пакистанда, Иранда; графиттин ири кендери Чыг. Сибирде, Шри Ланкада бар.

Климаты. Кургактыктын кеңири созулуп жатышы, төлөрдүн тоскоолдугу ж-а көпчүлүк ойдуңдардын туюктугу күн радиациясы м-н атмосф. циркуляциянын, жалпы эле климаттын ар түрдүү болушуна шарт түзөт. А-нын көпчүлүк бөлүгүндө континенттик климат басымдуулук кылат. Нымдуу атлантика абасы А-га жеткенде өзгөрүп, континенттик массага айланат. Батыштан келген аба массалары басымдуу болгондуктан, ж-а четки кырка тоолордун тоскоолдугуна байланыштуу Тынч океандын деңиздик абасы А-нын чыг. жээктерине гана таасирин тийгизет. Түндүктөн келген арктика аба массалары материктин түпкүр аймактарына чейин кеңири тарайт, ал эми тропиктик ж-а экватордук аба массаларынын таралышына Гималай тоолору тоскоол болот. Кургактыктын жайында өтө ысык, кышында өтө муздашы А-да атмосф. циркуляциянын кескин мезгилдик өзгөрүшүнө алып келет. Кургактыктын кышында муздашы Түн. ж-а Борб. Азияда туруктуу күчтүү атмосф. басымды пайда кылат. Ушунун негизинде Монголияда өтө катаал кышкы азия антициклону пайда болот. Абс. миним. материктин түн.-чыгышында жер шарынын «суук уюлдарынын» бири болгон Верхоянск, Оймякондо (—70°ка чейин) байкалат. Алдыңкы, Борб. ж-а О. Азиянын бир аз бөлүгүндө жайкысын континенттүү-тропиктик кургак аба пайда болот. Жайкы муссондун Индостан, Түш. Гималай ж-а Индокытайга өтүшү жаан-чачынды күчөтөт. Аравия м-н Пакистанда чөл-тропик климатынын болушу Түн. Африкадан келген кургак ж-а ысык аба массаларына байланыштуу. Чыг. А. жайында тынч океан полярдык фронтунун таасирине учурайт. Материктин чыг. жээгинде муссон жааны жаап, күзүндө өтө катуу тропик циклондору (тайфундар) болуп турат. А-нын тропиктик бөлүгүндө — кышында континенттүү-тропиктик, жайында экватордук-деңиздик, ал эми экватордун өзүндө жаан-чачындуу, жыл бою бир калыптагы экватордук-деңиздик климат өкүм сүрөт. Сибирдин январдын







Азия. 1. Чоң Гималайдагы Чомолунгма чокусу; 2. Тибет тайпак тоосу; 3. Меконг дарылсы (Лаос).

орточо темп-расы —20°Сден төмөн. Январдын 0° изотермасы Самаркан, Нанкин, Токио аркылуу өтөт. Эң жогорку темп-ра (30°Сден жогору) июлда Алдыңкы ж-а О. Азияда, Такламакан ж-а Тар чөлдөрүндө болот. Тундрада июлдун орточо темп-расы 10°С. Экватордук алкакта жылдык жаан-чачындын өлчөмү 2000 *мм*, Түш. ж-а Чыг. А-нын деңиз жээктеринде 2000—3000 *мм* ж-а андан да көбүрөөк (кээ бир жерлерде 8000—12000 *мм* ге чейин), субтропиктик ж-а мелүүн климаттык алкактарда жылына 600—1000 *мм*. Чыг. Сибирде жаан-чачын 350 *мм* ден төмөн, Орто, Жакынкы ж-а Борб. А-нын чөлдөрүндө 150—200 *мм*, кээ бир жерлеринде 100 *мм* ден аз. А-дагы климаттын негизги типтери: арктикалык-чөл, субарктикалык (тундралык), мелүүн алкакта — кургак, кышы өтө суук, көскин континенттүү климат (Чыг. Сибирь), чөлдүү (О. Азия, Казакстан, Борб. Азия), мелүүн муссондуу (материктин чыг. жээктери); субтропиктик алкакта — жер ортолук (Алдыңкы А-нын бат. чектери), жылуу субтропиктик-колхидалык, бийик тоолуу-чөл (Памир, Кара-Корум, Тибет), субтропиктик муссондуу (Азиянын чыг. жээктери), тропиктик алкакта — тропиктик-чөл (Алдыңкы А-нын түштүгү, Пакистандын ж-а Индияның чектеш бөлүктөрү), субэкватордук (тропиктик-муссондуу Индостан, Индокытай, Яванын чыг. р-ндору, Кичи Зонд а-дары), экватордук (Чоң Зонд а-дарынын калган райондору ж-а Малакка ж. а-ы) климат болуп бөлүнөт.

Ички суулары. А. ири дарыяларга бай. Түн. Муз океанга — Обь, Енисей, Лена, Ява, Индигирка, Колыма; Тынч океанга — Анадырь, Амур, Хуанхэ, Янцзы; Инди океанга—Салуин, Иравади, Брахмапутра, Ганг, Инд, Шатт-Эл-Араб; Азов, Кара ж-а Жер Ортолук деңиздерине А-нын терр-ясынан чыккан тоо суулары куят. Каспий, Арал деңиздеринин ж-а Балкаш көлүнүн алаптарына — Волга, Кура, Аму-Дарыя, Сыр-Дарыя, Иле д-лары кирет. Кээ бир дарыялар (Тарим, Чүй, Гильменд) көлдөргө куят же кумга сиңип жок болот. А-нын сууларынын негизги өзгөчөлүктөрү: мелүүн ж-а бир аз нымдуу климатта дарыялар кышында тоңуп, жазында ташкындайт; жаан-чачын аз жааган кургак обл-тарда мөңгү ж-а кардан куралган дарыялардын (Аму-Дарыя, Сыр-Дарыя) гана суулары мол. Калгандарынын суулары аз келет же мезгилин-кургак калат, муссондуу климат р-ндорунда дарыялар жай айларында кирет. Экватордук р-ндордун дарыялары жыл бою сууга мол. А-нын ири көлдөрүнүн ичинен Каспий м-н Арал деңиздери — илгерки ири деңиздердин калдыгы. Тектоникалык ойдуңдарда Байкал, Ысык-Көл, Хубсугул, Өлүк деңиз, Ван, Резайие, Телец ж. б. көлдөр жатат. Кээ бир көлдөр көчкүдөн (Сарез), карст процесстеринин натыйжасында (Бат. Тавр), лавалардын тосуп калуусунан пайда болгон (Цзинбоху, түн.-чыг. Кытайда). А-нын дарыялары м-н көлдөрүнүн трансп. мааниси чоң. Көп дарыялар гидроэнергет. ресурстарга бай, алар СССРде кеңири пайдаланылат. (Енисей, Ангара, Обь, Иртыш, Нарын ж. б. д-ларда ГЭСтер курулган).

Топурагы. Жылуулук м-н нымдуулуктун өзгөрүш режимине байланыштуу Арктика чөлдөрүнөн нымдуу



Азия. 1 — булдурук; 2 — жумурбаш; 3 — илбирс; 4 — төө; 5 — Пржевальский жылкысы; 6 — бөкөн; 7 — аркар; 8 — кулан; 9 — корсак; 10 — гаял; 11 — пил; 12 — буйвол; 13 — маймыл; 14 — тотукуш; 15 — индия керити; 16 — гавиал; 17 — кобра (чекир жылан); 18 — жолборс.

экватордук алкакка чейин топурактардын бир нече типтери учурайт. Кургак талаалары — көңүр, жарым чөлдөрү — ачык күрөң, чөлдөрү — боз күрөң, мелүүн алкактын нымдуу р-ндору—күрөң ж-а кара күрөң топурактуу. Тоо этектери м-н канталдарында — тоолуу күл топурак, жогорку бийик бөлүгүндө тоолуу-тундра, ал эми нымдуу жылуу алкактарында кызгылт саргыч, күрөң топурактар басымдуулук кылат.

Өсүмдүктөрү. А. Голарктика ж-а Палеотропиктик болуп эки фитогеогр. областка бөлүнөт. Климаттын дайым жылуу болушуна байланыштуу палеозой ж-а мезозойдон берки палеотропиктик өсүмдүктөрдүн көптөгөн түрлөрү сакталып калган. Ал эми голарктика өсүмдүктөрү климаттын суук болушунан ж-а муз кантоолордун натыйжасында суюлуп, түрү азайып кеткен. Түндүктөн түштүккө карай климат өзгөрүлгөн сайын тундрадан Түш. жарым шардын нымдуу экватордук токойлоруна чейин өсүмдүктөр алмашылып турат. Тундрада мох, эңилчек ж-а жапыз бадалдар өсөт. Ал эми тундранын түштүгүндө токойлуу-тундра тилкеси жатат. Түн. Азиянын кеңири бөлүгүн ийне жалбырактуу токой зонасы (тайга) ээлейт. Мында карагай, пихта, кедр, кызыл карагай ж. б. өсөт. Бат. Сибирь, Чыг. Сибирь, Түн. Казакстанда талаа зонасы орун алган, анын көп жери айдалат. О. Азия, Жунгар, Такла-Макан ж-а Монгол түздүктөрүнө чөл, жарым чөл ландшафттары таралган. Андан түштүктө субтропиктик чөлдөр жатат. Тропиктик чөлдүү зона (Араб ж. а-ы, Тар чөлү) А-ның батыш бөлүгүндө. Тропиктик кеңдиктердин калган райондорунда саванналар, тропиктик кургак талаалар, сейрек токойлор ж-а бадалдар, дайыма көгөрүп туруучу тропик токойлору өсөт. Тоолуу областтарына *бийиктик алкактуулук* мүнөздүү.

Жаныбарлар дүйнөсү. А. жаныбарларга өтө бай. Жаныбарлар кеңдик зоналары ж-а бийиктик алкактары б-ча таралган. А-ның тундра ж-а Түн. Муз океан жээктери жаныбарларга жарды. Мында сойлоочулар ж-а жерде жашоочулар жокко эсе, канаттуу куштарының дээрлик бардыгы келгиндер (ак үкү, ак чил, ордөк, ак куу, каз, ак чардак ж. б.). Тундрада — түн. бугусу, түлкү; деңиз жээктеринде — тюлень, морж, ак аюу; токой зонасында — багыш, бугу, элик, күрөң аюу, сүлөөсүн, тыйын чычкан, коён ж. б.; талаа ж-а тоо чөлдөрүндө — аркар, тоо эчки, илбирс, кабылан; кемирүүчүлөрдөн: ач көсөп, сары чычкан, суур, чычкан, коён; канаттуулардан: торгой, тоодак, күйкө, кыргоол; сойлоочулардан: кескелдирик, жылан (удав, кобра ж. б.), таш бака ж. б. Экватордук ж-а субэкватордук кеңдиктерде—инди-малай жаныбарлары: инди пили, буйвол, дөңуз, антилопалар ж-а бугунун бир нече түрү, суусар, кабылан; канаттуулардан: кең ооз, питт, тоту куш, кыргоол; сойлоочулардан: крокодил,



ЙДЫН ТОЛУК КАРТАСЫ



АЙ ЭКВАТОРУНДАГЫ МАСШТАБ

300 0 300 600 900 1200 км

Айдагы түзүлүштөрдүн аттары сандар менен көрсөтүлгөн

1 Шварцшильд	11 У. Бонд	21 Аполлон	31 Ом	41 Гримальди	51 Клавий	61 Архимед	71 Жансен	81 Гаусс	91 Планк
2 Рождественский	12 Курций	22 Бергхофф	32 Мендель	42 Биргий	52 Тихо	62 Аль-Баттани	72 Прокл	82 Гумбольдт	92 Курчатов
3 Нансен	13 Байи	23 Мах	33 Лоренц	43 Шиккард	53 Эратосфен	63 Гиппарх	73 Де ла Рю	83 Лио	93 Менделеев
4 Белькович	14 Дригальский	24 Цандер	34 Эйнштейн	44 Саут	54 Платон	64 Мавролик	74 Клеомед	84 Жолио	94 Павлов
5 Брианшон	15 Хаузен	25 Вавилов	35 Жерар	45 Аристарх	55 Маджини	65 Деламбр	75 Эндимион	85 Фабри	95 Ж.Верн
6 Пифагор	16 Шредингер	26 Чебышев	36 Ксенофан	46 Гассенди	56 Деландр	66 Аристотель	76 Лангрен	86 Пастер	96 Гагарин
7 Метон	17 Зееман	27 Ковалевская	37 Струве	47 Шидлер	57 Птолемей	67 Кирилл	77 Венделин	87 Комптон	97 Кэмпбелл
8 Анаксагор	18 Оппенгеймер	28 Герцшпрунг	38 Риччоли	48 Кеплер	58 Альфонс	68 Теофил	78 Петавий	88 Милн	98 Пуанкаре
9 Фалес	19 Вольтер	29 Пиццети	39 Пингре	49 Понтомонтан	59 Арзахель	69 Катарина	79 Фурнерий	89 Г.Уэллс	99 Д'Аламбер
10 Гиппократ	20 Гаусс	30 Ньютон	40 Ландсберг	50 Бюрги	60 Птолемей	70 Прокл	80 Гюйгенс	90 Ньютон	100 Тихе

* Айга конгон с

1 „Луна-2"	14.IX 1959	
2 „Рейнджер-6"	2.II 1964	
3 „Рейнджер-7"	31.VII 1964	
4 „Рейнджер-8"	20.II 1965	
5 „Рейнджер-9"	24.III 1965	
6 „Луна-5"	12.V 1965	
7 „Луна-7"	7.X 1965	
8 „Луна-8"	6.XII 1965	
9 „Луна-9"	3.II 1966	
		11 „Серв
		12 „Луна
		13 „Серв
		14 „Серв
		15 „Серв
		16 „Серв
		17 „Серв
		18 „Луна
		19 „Апо



ТҮНДҮК УЮЛДУК ОБЛАСТЬ



ТҮШТҮК УЮЛДУК ОБЛАСТЬ



Айдагы түзүлүштөрдүн аттары сандар менен көрсөтүлгөн

31 Он	41 Гримальди	51 Клавий	61 Архимед	71 Жансен	81 Гаусс	91 Планк
32 Мендель	42 Виргий	52 Тихо	62 Аль-Баттани	72 Прокл	82 Гумбольдт	92 Курчатов
33 Лоренц	43 Шиккард	53 Эратосфен	63 Гиппарх	73 Де ла Рю	83 Лио	93 Менделеев
34 Эйнштейн	44 Саут	54 Платон	64 Мавролик	74 Клеомед	84 Жолио	94 Павлов
35 Жерар	45 Аристарх	55 Маджини	65 Деламбр	75 Эндимион	85 Фабри	95 Ж.Верн
36 Ксенофан	46 Гассенди	56 Деландр	66 Аристотель	76 Лангрен	86 Пастер	96 Гагарин
37 Струве	47 Шидлер	57 Птолемей	67 Кирилл	77 Венделин	87 Комптон	97 Кэмпбелл
38 Риччоли	48 Кеплер	58 Альфонс	68 Теофил	78 Петавий	88 Милн	98 Пуанкаре
39 Пейгре	49 Лонгомонтан	59 Арзахель	69 Катарина	79 Фурнерий	89 Г.Уэлс	99 Д'Аламбер
40 Гевелий	50 Коперник	60 Аристилл	70 Фракасторо	80 Бальмер	90 Циолковский	100 Лейбниц

* Айга конгон орду (даталары менен)

1 „Луна-2"	14 IX 1959	11 „Сервейер-2"	23 IX 1966	21 „Луна-16"	20 IX 1970
2 „Рейнджер-6"	2 II 1964	12 „Луна-13"	24 XII 1966	22 „Луна-17"	17 XI 1970
3 „Рейнджер-7"	31 VII 1964	13 „Сервейер-3"	19 IV 1967	23 „Аполлон-14"	5 II 1971
4 „Рейнджер-8"	20 II 1965	14 „Сервейер-4"	16 VII 1967	24 „Аполлон-15"	30 VII 1971
5 „Рейнджер-9"	24 III 1965	15 „Сервейер-5"	11 IX 1967	25 „Луна-18"	11 IX 1971
6 „Луна-5"	12 V 1965	16 „Сервейер-6"	10 XI 1967	26 „Луна-20"	21 II 1972
7 „Луна-7"	7 X 1965	17 „Сервейер-7"	10 I 1968	27 „Аполлон-16"	21 IV 1972
8 „Луна-8"	6 XII 1965	18 „Луна-15"	21 VII 1969	28 „Аполлон-17"	11 XII 1972
9 „Луна-9"	3 II 1966	19 „Аполлон-11"	20 VII 1969	29 „Луна-21"	15 I 1973
10 „Сервейер-1"	2 VI 1966	20 „Аполлон-12"	19 XI 1969		

АЛБАНИЯ


ИШТЕП ЧЫГАРУУЧУ ӨНӨР ЖАЙ
Кара металлургия
Түстүү металлургия
Металл
Химиялык заттар
Нефть
Курулуш материал
Цемент
Аянек
Кездеме
Булгаары-бут кийим
Жыгач
Тамак-аш
Тамеки
КЕН БАЙЛЫКТАРЫН КАЗЫП АЛУУ
битум
күрөн көмүр
нефть
темир-никель
хромит
жез
кайнатма туз
Минералдуу суу булактары
Нефть түтүктөр
Суу электр станциялары
Жылуулук электр станциялары
АЙЫЛ ЧАРБАСЫ
Жүгөрү-буудай менен көй чарбасы, ысыкта өсүүчү техникалык (пахта, тамеки) жана жеміш (инжир, цитрус, май чыгуучу) өсүмдүктөр
Жүгөрү-буудай менен эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы (көй, уй) жана тамеки
Буудай-жүгөрү жана кант кызылчасы менен эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы (уй жана көй).
Өрөөндөрдө тоо-жайыттуу мал чарбасы: аз керегине пайдалануучу дыйканчылыгы бар
а) эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы (уй, көй) жана токой чарбасы басымдуулук кылган гүндүк район.
б) жүгөрү, буудай эгүү басымдуулук кылган түштүк көй чарба район
ТЕРЕНДИК ЖАНА БИЙИКТИК ШКАЛАСЫ МЕТР МЕНЕН
МАСШТАБ 1:2 000 000
Советтик Чоң Энциклопедиянын материалы боюнча НРМЧ ГУГК август 1974 ж. түзүп даярдаган



таш бака, кобра жыландарынын бир нече түрү ж. б. бар.

Географиялык изилдөө тарыхынан. Байыртан эле ассирия, вавилон, инди, кытай, египет элдерине А. ж-дө кээ бир геогр. маалыматтар белгилүү болгон, Байыркы Египет ж-а грек-парс согуштары (б. з. ч. 477—449-ж.), Александр Македонскийдин жортуулдары (б. з. ч. 4-к.), Египет м-н Индиянын деңиз аркылуу соодасы, Борб. ж-а Алдыңкы Азия аркылуу Кытай жибегинин ташылып өтүшү ж-а о. кылымдарда хорезм, араб, монгол хандарынын ортосундагы элчилердин жүрүшү А. ж-догу маалыматтарды байыткан. Венециялык Марко Поло (13-к.) А-ны кыдырып өткөн. Иран аркылуу орус соодагери Афанасий Никитин Индияга барган (1466—72). Магеллан башкарган исп. экспедиция 1521-ж. чыг. жагынан Филиппинге жеткен. А. өлкөлөрүн геогр. жактан изилдөөлөр бурж. мамл-тердин басып алуучулук колонизатордук максаттары м-н байланыштуу болгон. 18—19-к-да Англия—Индияны, Бирманы, Франция — Вьетнамды, Камбоджаны, Лаосту, АКШ Филиппинди басып алып, 19—20-к-да Англия м-н Франция араб өлкөлөрүн баш ийдирген. Түн. А-ны орус саякатчылары ачты. Ермактын Бат. Сибирге болгон жортуулдарынан кийин 17-к-дын 20-ж-дарында орустар Сибирде Ленага чейин барышты. 1644—52-ж-да орус саякатчылары Е. Хабаров — Амур боюн, В. Атласов Түн. Курил а-дарын ачты (1649). 1648-ж. С. Дежнев м-н Ф. Попов 1-болуп азыркы Беринг кысыгын ачышкан. П. И. Годунов м-н С. У. Ремезов Сибирдин геогр. картасын түзүштү. А-ның Чыг. ж-а түн. жээктерин изилдөөдө Камчатка экспедициялары чоң роль ойногон. 1833—1843-ж. Д. Я. ж-а Х. П. Лаптевдер, С. П. Челюскин ж. б-лар ошол экспедицияга катышып, Түн. Муз океандын азиялык жээктерин картага түшүрүштү. Франция деңиз саякатчысы Ж. Ф. Лаперуз (1787), орус географы Г. А. Сарычев (1789), англ. деңиз саякатчысы У. Броутон (1796—97), орус деңиз саякатчысы И. Ф. Крузенштерн (1804—05), япон топографы Мамия Ринзо (1809), орус деңиз саякатчысы В. М. Головнин (1811) Ы. Чыгыштын жээктерин картага түшүрүшкөн. О. Азиянын тоолору м-н түздүктөрүн П. П. Семенов (1856—57), М. И. Венюков (1859—60), Н. А. Северцов (1864—78), А. П. Федченко (1868—71), Ф. В. Ошанин (1876—78) изилдешкен. Кавказды — М. И. Венюков (1861—63) ж-а Г. И. Радде (1863—93), Иран бөксө тоолорун Н. В. Ханыков (1858—59) изилдеди, 1858—59-ж-да окумуштуу ж-а саякатчы Ч. Валиханов Кашкар м-н Тянь-Шанда болгон. 1870—85-ж-да Н. М. Пржевальский Чыг. ж-а Борб. Азияга 4 жолу саякат жасап, Куньлунь, Наньшань, Борб. Тибет, Хуанхэ д-на чейин барып жеткен. Анын изилдөөлөрүн В. А. Обручев (1892—94, 1905—06, 1909-ж-дары), В. В. Сапожников (1895—1905), Г. Ц. Цыбиков (1899—1902) улантышып, аны бир топ кеңейтишти. 19-к-дын 2-жарымында 20-к-дын башында орус изилдөөчүлөрү И. В. Мушкетов — О. Азиянын, В. Л. Комаров — Камчатка, Чыг. Саян ж-а Түн.-Чыг. Кытайды, А. Н. Краснов ж-а Воейков — Чыг. ж-а Түн. А-ны, И. И. Зарудный — Иранды, П. Н. Крылов — Бат. Сибирди, Л. С. Берг — Арал деңизин, В. В. Докучаев Кавказдын топуректарын изилдеген. Сов. окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн натыйжасында Түн. деңиз жолу, Сибирь көмүр металлургиялык базасы, О. Азия ирригация системалары кеңейтилди ж-а алардан тышкары ондогон, жүздөгөн башка ири курулуштар ишке ашты, көп сандаган маанилүү эмгектер жарыкка чыкты: СССР ИАнын алдындагы өндүргүч күчтөрдүн жайгаштыруу советинин (СОПС) экспедиц. эмгектери, атайын карталар, жалпы, региондук атластар ж. б. 20-к-да А-нын чет өлкөлүк бөлүгүндө да ири изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Калкы. А-ның калкы 2 млрд-га жакын (1969), дүйнө элинин 59,0%ин түзөт. 1950—67-ж-да өсүш 630 млн. болгон.

Антропологиялык составы. Жогорку палеолиттин ж-а мезолиттин мезгилинде эле А-ның көпчүлүк бөлүгүндө калк отурукташа баштап, кийин Америка, Австралия, Океанияга чейин тараган. А-лыктар үч расага бөлүнгөн: европеоиддер (түш.-бат. ж-а бат. райондордо), монголоиддер (Борб. ж-а Чыг. А-да), австралоиддер (түш.-чыг. райондо). Азыркы калкы бир нече расадан турат, бирок аның басымдуу көпчүлүгү монголоид расасының үч тобуна кирет: түндүк (Сибирь ж-а Түн.-Чыг. Кытайдын бир бөлүгү), чыгыш (монголдор) ж-а Түн. Кытай. Европеоид расасына алдыңкы А-ның, Түн. Индия, О. Азиянын (тажиктер) элдери, Австралия расасына ар кайсы райондордо жашашкан аз сандаган группалар кирет. Түш. Индиядагы дравид ж-а ев-

Чет өлкөлүк Азиянын саясий бөлүнүшү

Мамлекеттер	Аянты (миң км²)	Калкы (миң киши, 1973-ж.)	Борборлору
Афганстан	647,5	17400 (1972)	Кабул
Бангладеш Эл Респ-сы	141,2	71316 (1974)	Дакка
Бахрейн	598,3	2320 (1974)	Манама
Бирма Союзу	678,0	29500	Рангун
Биринкен Араб Эмираттары	86,7	320	Абу-Даби
Бутан	47,0	130 (1972)	Тхимпху
Вьетнам Соц. Респ-сы	328,6	41000	Ханой
Израиль	14 [1]	3305	Тель-Авив
Индия	3268	560000 (1972)	Дели
Индонезия	1904,3	120000 (1974)	Джакарта
Иордания [2]	97,7	2600	Амман
Ирак	434,9	9749 (1971)	Багдад
Иран	1648	32214,9 (1974)	Тегеран
Йемен (Йемен Араб Респ-сы)	195,0	6200	Сана
Йемен (Йемен Элдик Демокр. Респ-сы)	287,7	1590	Аден
Кампучия	181	7000	Пномпень
Катар	22,0	170	Доха
Кипр	9,3	638 (1971)	Никосия
Кытай Эл Респ-сы	9596,9	800000 [3]	Пекин
Корея	220 [4]	48000	
Корей Элдик Демокр. Респ-сы	121,2	15000 (1972)	Пхеньян
Түш. Корея	98,4	32900	Сеул
Кувейт	20,2	865	Эль-Кувейт
Лаос	236,8	3011	Вьентьян
Ливан	10,4	3000	Бейрут
Малайзия	333,0	11700	Куала-Лумпур
Мальдива (Мальдива Респ-сы)	0,3	119 (1972)	Мале
Монгол Эл Респ-сы	1565	1377,9 (1974)	Улан-Батор
Непал	140,8	11056 (1971)	Катманду
Оман (Оман Султанаты)	212,4	750	Маскат
Пакистан	807,0	64900 (1972)	Исламабад
Папуа — Жаңы Гвинея	475	2500	Порт-Морсби
Сауд Аравиясы	2148,7 [5]	8000	Эр-Рияд
Сингапур	0,6	2185,1	Сингапур
Сирия Араб Респ-сы	185,2	7000	Дамаск
Таиланд (Сиам)	514	36082 (1972)	Бангкок
Турция	780	37500 (1972)	Анкара
Филиппин	300,0	41500	Кесон-Сити
Шри Ланка	65,6	13234	Коломбо
Япония	372,2	109600 (1974)	Токио
Аомынь (Макао)	0,016	275 (1970)	Аомынь
Бруней (брит.)	5,8	200 (1972)	Бандар-Сери-Бегаван
Сикким (инд.)	7,1	208 (1971)	Гангток
Сянган (Гонконг) (брит.)	1,0	4300 (1974)	Сянган
Тимор (порт.)	14,9	610 (1971)	Дили

1. 1947-ж. ООНдун чечими б-ча белгиленген чекте. 1948—49-ж. араб-израиль согушунда басып алган аянты м-н 20,7 миң км².
2. 1967-ж. июндан баштап Израиль 5,9 миң км² аянтын оккупациялап алган.
3. Тайвань а-нын калкын кошо эсептегенде.
4. Демилитаризацияланган зонаны кошкондо 1,3 миң км².
5. ООНдун маалыматы б-ча.

ропеоиддер м-н монголоиддердин ортосунан чыккан улуттар (Бат. Сибирь ойдуңу, Түш. Урал, Алтай, Казакстан, О Азия, Түн. Индия элдери) кирет.

Калктын жайгашышы. А-да калктын жайгашышы бирдей эмес. Мис., Японияда калк өте жыш отурукташкан (1 *км²* жерге 273). Ливанда — 240, Кореяда — 185, Шри Ланкада — 172, Индияда 155 киши туура келет. Ал эми Борб., Алдыңкы ж-а Түн. А-да калк өте сейрек (МЭРде калктын жышт. 1 *км²* ге 0,7, Араб ж. а-да 1—5 киши туура келет). Шаар калкы 28% түзөт. А. б-ча 1 *км²* жердеги калктын орточо жышт. 46 киши.

Саясий болуңушу. А-пын терр-ясынын $^1/_3$ пен ашыгы СССРдин составына кирет, чет өлкөлүк А. бир нече геогр. топторго бөлүнөт. Бат. А. тобуна Турция, Иран, Афганистан, Сирия Араб Респ-касы, Ливан, Ирак, Кувейт, Сауд Аравиясы, Йемен Араб Респ-касы ж. б.; Жакынкы ж-а О. Чыгыш А. өлкөлөрүнө Индия, Пакистан, Бангладеш, Шри Ланка, Непал; Түш. А-га Бирма, Таиланд, Лаос, Кампучия, Вьетнам, Малайзия, Сингапур, Индонезия ж-а Филиппин; Түш.-Чыг. А-га Кытай, Корей Элдик Демокр. Респ-касы (КЭДР), Түш. Корея, Япония; ал эми Борб. А-га Монголия, Кытайдын бир бөлүгү кирет. Улуу Окт. рев-ясынан ж-а 2-дүйнөлүк согуштан кийин А-ның саясий картасы (к. таблица) өзгөрдү. Соц. системага Монголия (МЭР, 1921), Вьетнам (ВДР, 1945), Корея (КЭДР, 1948), Кытай (КЭР, 1949) мамл-тери кирди. Индия, Пакистан, Шри Ланка Иордания, Кипр, Малайзия, Сингапур, Йемен, Йемен Элдик Демокр. Респ-касы, Индонезия, Сирия, Ливан, Лаос ж-а Кампучия өз алдынча суверендүү өлкөлөргө айланды. АКШ Тайвань [1950 (КЭР)] ж-а Окинава а-дарын [1951 (Япония)], Израиль Иордания м-н Египет Араб Респ-касынын бир бөлүгүн (1967) басып алган.

Аб.: Зарубежная Азия. Физическая география, М., 1956; Физическая география частей света, М., 1963; Власова Т. В., Физическая география частей света, 2 изд., М., 1966; Суслов С. П., Физическая география СССР. Азиатская часть, 2 изд., М., 1954; Синицын В. М., Палеогеография Азии, М.—Л., 1962; Тектоника Евразии, масштаб 1 : 5 000 000, под ред. А. Л. Яншина. М., 1966; Алисов Б. П., Климаты СССР, М., 1956; Витвицкий Г. Н., Климаты зарубежной Азии, М., 1960; Павлов Н. В., Ботаническая география зарубежных стран, ч. 1—2, М., 1965; География и классификация почв Азии (сб. ст.), М., 1965; Магидович И. П., Очерки по истории географических открытий, М., 1967; Население земного шара. Справочник по странам, М., 1965.

АЗИЯ ЖАНА АФРИКА ӨЛКӨЛӨРҮНӨ ТИЛЕКТЕШТИКТИН КЫРГЫЗСТАН РЕСПУБЛИКАЛЫК КОМИТЕТИ Фрунзеде 1961-ж. 3-мартта а. ч. машиналарын куруучу а-ддун, Кырг. ССР ИАнын ж-а «Билим» коомунун, Аламүдүн р-нундагы Ленин атн. к-здун, Кыргызстан профсоюздар советинин ж. б. демилгеси б-ча түзүлгөн. Жогорку органы — 3 же 5 жылда бир чакырылуучу конференция. Мында комитеттин президиумунун составы, анын председатели ж-а жооптуу секретары шайланат. Конференциялар ортосунда пленум, активдин жыйналыштары өткөрүлөт. Күндөлүк иште Президиум алын барат. 1961—1974-ж. 3 конференция өткөрүлдү. Комитеттин кийинки шайланган мүчөсү 49 киши. Комитеттин негизги милдети — улуттук бөштондук, көз каранды эместик, тынчтык, куралсыздануу үчүн, колониализмге, империализмге, согушка каршы күрөшүн жаткан Азия ж-а Африка элдерине колдоо көрсөтүү, алар м-н достукту, тилектештикти, маданий байланыштарды күчөтүү.

АЗИЯ ЖАНА АФРИКА ӨЛКӨЛӨРҮНӨ ТИЛЕКТЕШТИКТИН СОВЕТТИК КОМИТЕТИ 1956-ж. майда советтик бир катар эл аралык ж-а союздук, коомдук уюмдардын, ири ишканалардын, мекемелердин демилгеси б-ча уюштурулган. Жогорку органы — комитеттин конференциясы. 1-конференциясы 1960-ж. октябрда Дүйшөмбүдө (Тажикстан), 2-си 1964-ж. майда Бакуда (Азербайжан), 3-сү 1970-ж. январда Москвада өткөрүлгөн. Штаб-үйү Москвада. Конференциялар аралыгындагы мезгилде комитеттин пленуму ж-а Президиуму иш жүргүзөт. Дайыма иш жүргүзүүчү органы — туруктуу секретариат, аны жооптуу секретарь башкарат. Комитеттин саясий, коомдук, мамл., маданий, илимий тармактардагы көрүнүктүү ишмерлерден турган 300 мүчөсү бар. Максаты — империализмге, колониализмге, неоколониализмге каршы демокр., прогрессивдүү афроазиялык тилектештик кыймылын ар тараптан өнүктүрүүгө, эки континенттин өлкөлөрүнүн эл аралык жумушчу кыймылы м-н кызматташтыгын, байланышын чыңдоого, көз каранды эмес өнүгүү жолуна түшкөн өлкөлөрдү СССРдеги социалдык, экон.-маданий курулуштун тажрыйбасы м-н кеңири тааныштырууга көмөк көрсөтүү. СССРде Азия ж-а Африка өлкөлөрүнө тилектештиктин Казакстан, Өзбекстан, Грузия, Азербайжан, Кыргызстан, Түркменстан, Армения, Тажикстан Республикалык комитеттери түзүлгөн.

АЗИЯ ЖАНА АФРИКА ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ЖАЗУУЧУЛАРЫ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БОЮНЧА СОВЕТТИК КОМИТЕТ — эки континенттеги өлкөлөрдүн жазуучулар ассоциациясы м-н байланыш үчүн СССРде түзүлгөн орган. Бул Азия ж-а Африка өлкөлөрүндөгү прогрессчил жазуучулардын Ташкен конференциясынан мурун СССР жазуучулар союзу тарабынан уюштурган. Негизги милдети — Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн жазуучуларынын ассоциациясынын аткомуна ж-а туруктуу бюросуна сов. жазуучулардын сунуштарын, каалоолорун билдирип, аларда коюлган маселелерди СССР жазуучулар союзуна баяндап турат. Комитет эки континенттеги прогрессчил жазуучулардын кезектеги конференцияларына даярдык жүргүзүп, делегаттарды шайлайт. Комитеттин председатели — өзбек жазуучусу Камил Яшен. 1969-ж. Кыргызстан жазуучулар союзунун алдында Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн жазуучулары м-н байланыш б-ча Кыргызстан комитети түзүлдү. Бул респ-калык комитеттин составына 31 жазуучу кирет, анын бюросу 9 киши-ден (Т. Абдумомунов, Ч. Айтматов, К. Акаев, С. Жусуев, Ж. Мавлянов, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, А. Токомбаев, Т. Үмөталиев) турат.

АЗИЯ ЖАНА АФРИКА ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН АССОЦИАЦИЯСЫ — эки континенттеги элдердин прогрессчил жазуучуларынын биргелешкен союзу. 1958-ж. октябрда Ташкенде 1-конференциясы өткөн. Бул — Чыг. элдеринин империализмге ж-а неоколониализмге каршы күрөшүн күчөтүү, эки континенттеги өлкөлөрдүн маданиятын өнүктүрүү зарылдыгынан келип чыккан форум. 1967-ж. Бейрутта өткөрүлгөн 3-конференциясында бытыранды ар түрдүү майда федерациялар баш кошуп, «Азия жана Африка өлкөлөрүнүн жазуучуларынын ассоциациясы» деп кайра уюштурулган. Ассоциациянын аткому ж-а Каирде иштеген туруктуу бюросу — анын башкаруу органы. Ассоциация бир нече тилде «Лотос» деген журналды чыгарат, анын жыл сайын ыйгарылчу адабий сыйлыгы бар.

АЗИЯ ЖАНА АФРИКА ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН КОНФЕРЕНЦИЯЛАРЫ. 1-конференцияны 1958-ж. октябрда Ташкенде эки континенттеги жазуучулардын өкүлдөрү өткөргөн. Ал Делиде 1956-ж. болгон Азиянын 17 өлкөсүнүн жазуучуларынын жолугушуусундагы сунуш б-ча чакырылган. Буга Азия м-н Африканын 37 өлкөсүнөн 204 делегат ж-а Европа м-н Американын 13 өлкөсүнөн 22 мейман катышкан. Алкактын ичинде кыса кармашкан колдордун сүрөтү (элдердин биримдигинин символу) конференциянын эмблемасы болгон. Эл аралык бул форумда эки континенттеги жазуучулардын өкүлдөрү тынчтык ж-а улуттук көз каранды эместик үчүн, тилектештик м-н прогресс үчүн, империализмге ж-а неоколониализмге каршы күрөштөгү адабий күчтердүн ролу ж-а милдеттери ж-дө пикир алышкан. Натыйжада колониялык эзүүдөн жаңы эле кутулган элдердин маданияты «Батыштын камкордугу болбосо, азыркы күндөгү цивилизациянын деңгээлине жете албайт» деген бурж «жобого» сокку урулду. Конференция бүткүл дүйнө жазуучуларына карата үндөө ж-а «Азия м-н Африка өлкөлөрүнүн жазуучулар ассоциациясынын туруктуу Бюросун түзүү жөнүндө» чечим кабыл алды. Мунун негизинде уюшулган Бюро Каирде иштейт. Бюронун ген. секретарлыгына жазуучу Юсоф эль-Сибаи шайланган. Бул форумдун мааниси — эки континенттеги өлкөлөрдүн жазуучуларынын саясий ж-а маданий маселелер б-ча тилектештик м-н кызматташтыгын чыңоого негиз салынгандыгында. Ушул орчундуу аракет Азия ж-а Африка өлкөлөрүндөгү прогрессивдүү жазуучулардын 2-(1962, Каир) ж-а 3-конференциясында (1967, Бейрут) уланты-лып, жаңы ийгиликтерге жетишти. 4-конференция 1970-ж. ноябрда Делиде өттү. 5-конференциясы 1973-ж. сентябрда Алматыда болду. Жазуучулардын Ташкен конференциясына Кыргызстандын делегаттары да катышкан.

АЗИЯ ЖАНА АФРИКА ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН СИМПОЗИУМУ — 1968-ж. сентябрда Ташкенде өткөн эл аралык форум. Симпозиум эки континенттеги өлкөлөрдүн жазуучуларынын тунгуч конференциясынын 10 жылдыгына байланыштуу уюштурулуп, «Адабият жана бүгүнкү күндөгү дүйнө» деген темада өткөн. Жазуучулардын чыгармачылык байланыштарын ж-а кытымактуулугун чыңдоого айрыкча көңүл бөлүнүп, «Достук, тилектештик жана прогресс үчүн!» деген ураан коюлган. Форум империализмге, неоколониализмге каршы, социалдык прогресс ж-а улуттук маданияттардын өнүгүшү үчүн күрөшкө бөлсенген жазуучулардын чыгармачылык ишинде маанилүү этап болду. Симпозиумда Азия ж-а Африка өлкөлөрүндөгү элдердин эзелтен берки маданиятынын улуттук салттарын сактоо м-н азыркы доордогу цивилизациянын деңгээлине жеткирүү өзгөчө белгиленди. Симпозиум амер., израилдик башкаруучу чөйрөлөрдүн Түш. Вьетнамдагы, Ж. Чыгыштагы баскынчылык аракеттерин бир добуштан айыптап, Түш. Африка м-н Родезиядагы расалык куугунтуктоолорду токтотууну талап кылды. Форум империализмден ж-а колониализм эзүүсүнөн элдерди куткаруу үчүн күрөшкө прогрессчил адабий күчтөрдү мобилизациялоодо зор роль ойноду. Симпозиумга Кыргызстандан А. Токомбаев, Ч. Айтматов, Т. Абдумомунов ж. б. катышкан.

АЗИЯ ЖАНА АФРИКА ЭЛДЕРИНИН ТИЛЕКТЕШТИК УЮМУ (ОСНАА) — империализмге, колониализм м-н неоколониализмге каршы күрөшто ж-а экон., социалдык, маданий жактан өнүгүү үчүн күрөштө Азия м-н Африка элдеринин аракеттерин бириктирүү ж-а координациялоо максатын көздөгөн уюм. 1957-ж-дын аягында Каирде өткөн 1-конференциясында негизделген, 2-конференциясында (1960) уюмдун уставы кабыл алынган. ОСНААга уюмдун максаты м-н милдеттерин колдой турган улуттук комитеттер, коомдук-саясий уюмдар мүчө боло алат. 1972-ж-дын аягында буга 80 ден ашык уюм бириккен. Жогорку органы — конференция. Анда уюмдун жетекчи органы — Аткаруу комитети (32 уюмдун өкүлдөрүнөн) ж-а иш жүргүзүү аппараты — Туруктуу секретариат (14 уюмдун өкүлдөрүнөн) шайланат, жаңы мүчөлөр кабыл алынат ж. б уюм үчүн маанилүү маселелер каралат. Туруктуу секретариатты ген. секретарь башкарат, анын штаб-үйү Каирде (ЕАР). 1957—74-ж-да бул уюмдун 5 конференциясы, Аткаруу комитетинин 11 сессиясы өткөрүлгөн.

«АЗИЯ И АФРИКА СЕГОДНЯ» — СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун ж-а СССР ИА Африка элдери ин-тунун ай сайын чыгуучу илимий ж-а коомдук саясий журналы. 1957-ж-дын июлунан тартып (1961-ж-дын мартына чейин «Современный Восток» деген ат м-н) Москвадан чыгат. Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн ички ж-а эл аралык проблемаларына арналган материалдарды жарыялап турат. Журнал Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн көркөм адабияты ж-а искусу, маданий ж-а илимий турмушу м-н тааныштырат.

АЗИЯ ЧЕГИРТКЕСИ (Gocusta migratorio Z) — курт-кумурскалар классындагы түз канаттуулар түркүмүндөгү чергитке. Түсү жалтырак. Денесинин уз. 11—38 *мм*. Канаттарынын түсү каралжын көп чекиттүү. Ооз органдары кемирүүгө ылайык келип, алдыңкы буту узун. Личинкалары сары же кара түстө. А. ч. бардык маданий өсүмдүктөргө, айрыкча дан өсүмдүктөрүнө зыян келтирет, анын личинкалары м-н чөңдорун кара чыйырчыктар кырат.

АЗИЯ ЭЛДЕРИНИН ИНСТИТУТУ (АЭИ) СССР ИАнын (1960-ж-га чейин Чыг. таануу институту) — Чыг. өлкөлөрүнүн тарыхын, экономикасын, адабиятын, тилин изилдей турган илимий мекеме; 1930-ж. октябрда Ленинградда түзүлгөн. 1950-ж-дан тартып АЭИ Москвага көчүрүлүп келген. АЭИде Чыг. өлкөлөрүнүн байыркы ж-а о. кылымдагы, жаңы ж-а соңку жаңы тарыхы изилденип, экономикасынын, адабиятынын ж-а тилинин эң маанилүү маселелери иштелип чыгат; Азия элдеринин улуттук-бөштондук күрөшүн, элдик демокр. өлкөлөрдө соц. курулуштун тажрыйбаларын изилдөөгө, Чыг. элдеринин жазма эстеликтерин жарыялоого көп көңүл бурулат.

АЗО... — составында азот болгон бир катар хим. бирикмелердин атынын составдык бөлүгү (мис., *азобензол, азобоёктор*).

АЗОБОЁКТОР — ароматтык радикалдарды байланыштырып турган бир же бир нече азо топтору — N=N— бар орг. боёктор. Молекуласындагы азо топтордун санына жараша: моно-, ди-, три- ж-а полиазо боёктор деп айырмаланат. А-дун ароматтык радикалдарынын ядросунда дайыма NH_2, SO_3H, OH, $COOH$, Cl, NO_2 ж. б. топтор болот. Кислоталык топтор А-дун сууда эришине шарт түзөт. А-дун өңүнүн кочкулданышы азо кычкыл

ж-а амин топторунун санына жараша болот. А. өздөрүнүн каспеттерине ж-а боёлуучу материалдарга жараша бир нече тонко: составында бир же бир нече сульфо-тобу болгон кислоталык, составында амин тобу бар негиздик ж-а активдүү А-го бөлүнөт. Активдүү А. булалар м-н хим. байланыш түзө алат, иштетүүгө абдан чыдамдуу келет. А-дун мындан башка да көп түрү бар. Алар ароматтык диазо бирикмелер м-н фенолдор, ароматтык аминдердин реакцияга киришинен синтезделинет. А. кездеме, жүн, булгаары, резина, кагаз, пластмассалардын көп бир түрлөрүн боёодо, полиграфияда кеңири колдонулат.

АЗОБЕНЗОЛ, $C_6H_5N=NC_6H_5$ — ароматтык эң жөнөкөй азобирикме; сарғыч кызыл кристалл. Транс-изомери туруктуу, эрүү t 68°C. Спиртте, эфирде, бензолдо, концентрацияланган уксус ж-а күкүрт к-таларында эрийт. А. нитробензолду же азоксибензолду жегичтүү чойродо цинк күкүмдөрүнүн таасири астында же электрохим. жол м-н калыбына келтирүүдөн алынат. А-дун молекуласына амин же окси топторду киргизүү м-н синтез. азобоёктор жасалат. А-ду 1834-ж. немец химиги Э. Мичерлих ачкан.

АЗОВ БОЮ ДӨҢСӨӨСУ — Украинанын түш.-батышындагы дөңсөө. Чыгышынан Донецк дөңсөөсү (кряжы) м-н чектешет. Бийикт. 324 *м* ге чейин (Могила-Бельмак). Түштүккө карай бир аз эңкейип. Дөңсөө кристаллдык тоо тектеринен турат, үстү чополуу, капталдары ж-а этектери кара топурактуу келип, бетеге, ак кылкан, кыйгак, кара шыбак, эрмен ж. б. өсүмдүктөр өсөт.

АЗОВ ДЕҢИЗИ — СССРдин Европа бөлүгүнүн түштүгүндөгү Атлантика океанынын алабына таандык материк ичиндеги деңиз. Кара деңиз м-н Керч кысыгы аркылуу кошулат. Аянты 38 миң *км²*, орточо терең. 8 *м*, эң терең жери 14 *м*. Деңиз жээктеринде булуң-буйткалары аз. Ири булуңдары: Таганрог, Темрюк, Арабат. Ири куймалары: Дон, Кубань ж. б. А. д. түбүнүн рельефи борборун көздөй жантайыңкы келип, түздүктүү. А. д. районунун климаты континенттик, кышы суук (январдын орточо температурасы — 6—9°С), жайы ысык (июлдун орточо темп-расы 23,5—24,5°С), жылдык жаан-чачын 312—528 *мм*. Суунун темп-расы кышында 0°С ден төмөн, жайында 25—30°С. Тузд. 9—11‰. Шамалдын таасири м-н деңиз деңг. 5,5 *м* ге чейин өзгөрүп турат. Март айына чейин муз каптап, апрелде ачылат. Осетр, лещ, судак, тарань, рыбец, шемая, бычки, сельдь, хамса, тюлька ж. б. балыктар кармалат. Ири порттору: Таганрог, Жданов, Ейск, Бердянок.

АЗОВДОГУ КОРГОНУУ — 1637—42-ж. дондук казак-орустардын түрк-татар аскерлеринен Азовду баатырдык м-н коргошу. 1637-ж. жайында дон казак-орустары Крымдагы ички күрөштөн

пайдаланып, Азовду басып алып, 5 жыл бою эзелп турган. 1641-ж. түрктатар аскерлери Азовду курчоого алат. Бирок дондуктар (5,5 миңге жакын киши — 8 жүзү аял) Азовду коргоодо өзгөчө туруктуулук көрсетүп, душмандын далай чабуулунун мизин кайтарат. Көп жоготуулардан кийин түрктөр чегинет. Дондуктар орус өкмөтүнөн Азовду өз карамагына алуу жагын сурашат. Бирок орус өкмөтү Турция м-н согушуудан жалтайлайт. 1642-ж. жайында казак-орустар чегти талкалап кетишет.

АЗОКСИ БИРИКМЕЛЕР — составында азокси тобу — $N{=}\overset{+}{N}{-}O^{-}$ бар орг. бирикмелер. Ароматтык А. б (айрыкча азоксибензол) жакшы изилденген. А. б.— сары түстөгү кристаллдар, сууда эрибейт, спиртте, эфирде жакшы эрийт. А. б-де изомерия кубулушу кездешет, мис., *п*-бромбензолдун $\alpha{-}BrC_6H_4N{=}\overset{+}{N}C_6H_5\ O^{-}$ ($t_э$ 73°C) ж-а $\beta{-}Br\,C_6H_4\,N{=}\overset{+}{N}C_6H_5\ O^{-}$ ($t_э$ 92°C) *изомерлери* белгилүү. А. б. нитро бирикмелерди жегичтердин спирттеги эритмеси м-н ысытуудан же арилгидроксиламиндер м-н реакцияга киргизүүдөн алынат. А. б. азо бирикмелерге, гидразо бирикмелерге ж-а андан ары тийиштүү аминге чейин калыбына келет. А. б. азобензолду ж-а бензидинди алуу үчүн колдонулат. Алифатикалык А. б-ден учук ооруусуна каршы пайдаланылуучу антибиотик-элапомицин алынат.

АЗООСПЕРМИЯ (гр. *a*... ж-а *zóon* — зона, алкак) — кандайдыр бир табигый кубулуштун кайсы бир аймактын зоналык өзгөчөлүктөрүнө байланышсыз өөрчүшү. А. түздүктөрдүн табигый (климаттык, топурактык, өсүмдүктүк, ландшафттык ж. б.) зоналары м-н тоолордун бийиктик алкактарында учурайт. А. негизинен жердин ички күчтөрүнө байланышкан табигый кубулуштарга (геол. структура, рельефтин морфоструктурасы ж. б.) мүнөздүү. *Зоналуулук* м-н бирге А. региондук ландшафт комплекстеринин калыптанышын аныктайт. А-тун бир түрү — интразоналуулук.

АЗООСПЕРМИЯ (гр. *a*... ж-а *zóon*— тирүү жандык, *spérma* — эркектин уругу) — эркектин жыныстык суюктугунда урук клеткасынын жоктугу. А. жыныс бездери м-н урук түтүктөрүнүн жетилбей калышынан, алардын ар түрдүү ооруларга (котон жара, астынан сезгенүү, жыныс безинин шишиги, кант оорусу, ууланууу ж. б.) чалдыгышынан пайда болот. А. жыныстык суюктукту микроскопто текшерүүдө аныкталып, дарылоо иши дарттын себептерине жараша жүргүзүлөт.

АЗОР АРАЛДАРЫ — 9 ири а-дан (Сан-Мигел, Терсейра, Пику ж. б.) ж-а бир нече рифтен турган Португалияга караштуу архипелаг, Атлантика океанында. Аянты 2,3 миң *км*². Рельефи тоолуу, чокуларынын бийикт. 2320 *м* ге чейин жетет. Жер титирөө болуп турат. Климаты субтропиктик, деңиздик; январдын орточо темп-расы 14°С, июлдуку 22°С. Жылдык жаан-чачын 700—800 *мм*. Дайыма көгөрүп туруучу субтропиктик токойлор, бадалдар бар, банан, цитрус, өрүк, жүзүм ж. б. жемиштер өстүрүлөт. Эл аралык мааниси бар аба ж-а деңиз жолундагы база. Чоң шаарлары ж-а порттору: Понта-Делгада, Анграду-Эроижму, Орта.

АЗОТ (лат. Nitrogenium — селитра пайда кылуучу), N — мезгилдик системанын V тобунан орун алган хим. элемент, ат. н. 7, ат. м. 14,0067. Кадимки шартта түссүз, жытсыз ж-а даамсыз газ. Абадан бир аз женил, эрүү t—209,86°С, кайноо t—195,8°С, тыгыз. 1,2506 *кг/м*³ (0°С, 760 *мм. сым. мам.*). 1-жолу 1772-ж. Д. Резерфорд ачкан. А. кычкылтекке караганда сууда аз эрийт, күйүүгө жардам бербейт. Таза А-то жаныбарлар жашай албайт, бирок ал — тиричилик үчүн эң зарыл элемент. А. жаныбарлардагы белоктун 16—17%ин түзөт. Ал жаратылышта эркин ж-а бирикме түрүндө кездешет, атмосферанын 78%ин ээлейт. Топурактын составында орг. ж-а орг. эмес кошулмалар түрүндө аз өлчөмдө кездешет. Ал көмүртек, суутек ж-а кычкылтек м-н көшулуп, белок заттарын пайда кылат. Жаныбарлар А-ту даяр белок заттар түрүндө өсүмдүктөрдөн алышат. Өсүмдүктөр А-тун орг. эмес бирикмелерин жер кыртышынан эритме түрүндө сиңирет. Жаратылышта азот топтоочу микроорганизмдер чоң роль ойнойт. Өсүмдүктөр байланышкан А-ту кыртыштан өтө көп алып, жерди арыктатат, ошон үчүн азоттуу семирткичтер чачылат. Жаратылышта А-тун 2 изотобу: N^{14} (99,635%) ж-а N^{15} (0,365%) кездешет. Анын молекуласы (N_2) үч коваленттүү байланышы бар эки атомдон турат. А. абдан туруктуу ж-а хим. активдүүлүгү өтө төмөн, жогорку темп-рада гана металлдар м-н нитриддерди, кычкылтек м-н А. кычкылдарын (NO, NO_2, N_2O, N_2O_3, N_2O_5) берет. А. м-н суутек жогорку темп-рада ж-а катализатордун катышуусунда аммиакты (NH_3) пайда кылат, галогендер м-н түздөн-түз реакцияга кирбейт. А. лабораторияда аммоний нитридин ысытуудан алынат: $NH_4NO_2{=}N_2{+}2H_2O$. Техникада А. суюлтылган абадан алынып, негизинен аммиакты синтездөөгө жумшалат. Андан HNO_3, жер семирткичтер, жарылгыч заттар иштелип чыгарылат. Эркин А. хим. ж-а металлургиялык процесстерде инерттүү чөйрөнү түзүү, термометрлердин бош аралыгын толтуруу ж-а төмөнкү темп-раны алуу үчүн колдонулат.

АЗОТ АНГИДРИДИ, к. *Азот кычкылдары.*

АЗОТ ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕРИ — өсүмдүктөрдү азот м-н камсыз кылуу максатында колдонулуучу минералдык ж-а орг. заттар. Алар орг., минералдык ж-а көк жер семирткичтер болуп бөлүнөт. Россияда илгертен бери кык А. ж. с. катары кеңири пайдаланылган. Көк жер семирткич О. Азиянын сугат дыйканчылыгында мурдатан белгилүү. Минералдык жер семирткич кийинчерээк колдонула баштады. 19-к-дын орто ченинде Чилиде өндүрүлүүчү табигый натрий селитрасы 1-пайдаланыла баштайт. Ө. ж-да аба азоту м-н суутектен аммиакты синтездеп алуу А. ж. с-нин өндүрүлүшүнүн жогорулашына алып келди: 1966-ж. дүйнө б-ча 19200 миң *т* га (таза азот) жеткен. Аммиак жер семирткичине аммиак селитрасы, хлорлуу аммоний, аммоний бикарбонаты ж-а суюк А. ж. с. кирет. Аммоний сульфаты м-н хлорлуу аммоний дайыма колдонулса, топурактын кычкылдуулугу жогорулап кетет. Муну топуракты аки таштоо жолу м-н жоюуга болот. Аммиак жер семирткичинин ичинен суюк А. ж. с-нин мааниси чоң. Аммиактуу нитрат жер семирткичине: аммиак селитрасы, аммоний сульфонитраттары кирет. Аммиак селитрасы умачталган түрдө чыгарылат. Нитраттуу жер семирткич — натрий, кальций, калий селитралары. Натрий селитрасы щёлочтуу болгондуктан, кычкыл топуракту жерде кант кызылчасына, буудайга, арпага ж. б. өсүмдүктөргө чачылат. Кальций селитрасы аммиак селитрасы м-н аралаштырылып умачталган түрдө чыгарылат. Калий селитрасы өсүмдүктөрдү азот, калий м-н камсыз кылат (к. *Комплекстүү жер семирткичтер).* Амид А. ж. с.— мочевина, кальций цианамиди, мочевиналуу формальдегиддүү жер семирткичтер. Мочевина дыйканчылыкта кеңири колдонулат. Кальций цианамидинин топурак кычкылдуулугун азайтуучу касиети болгондуктан, орг. заттарга бай нейтралдуу топурактарга чачылса, жакшы натыйжа берет. Мочевиналуу-формальдегиддүү жер семирткичтер нымдуу ж-а сугат жерлерде чоң пайда келтирет. А. ж. с-н чачуу өлчөмү топурак составына, өсүмдүктөрдүн биол. өзгөчөлүктөрүнө, кык же орг. семирткичтер м-н камсыз болушуна жараша аныкталат. А. ж. с. негизги жер семирткич ж-а кошумча азыктандыруу катарында колдонулат.

АЗОТ КИСЛОТАСЫ, HNO_3 — бир негиздүү күчтүү кислота. Кадимки шартта түссүз суюктук, кайноо t 84°С. Суу м-н жакшы аралашып, 121,8°С де кайнай турган 69,2% А. к. бар *азеотроптук аралашманы* пайда кылат. Суусуз А. к. туруксуз болгондуктан, жарыктын таасиринен кадимки темп-рада *кычкылтекти* бөлүп чыгаруу м-н ажырайт: $4HNO_3{=}4NO_2{+}2H_2O{+}O_2$. Бөлүнүп чыккан азоттун кош кычкылы концентрациясына жараша сары же кызыл түстө болот. А. к.— күчтүү кычкылдандыргыч. Ал алтын, тантал ж-а кээ бир платина металлдары м-н гана реакцияга кирбейт. Көпчүлүк металлдар м-н кошулганда, азот кычкылын бөлүп чыгарат: $3Cu{+}8HNO_3{=}3Cu(NO_3)_2{+}2NO{+}4H_2O$. Концентрацияланган А. к. м-н туз к-тасынын аралашмасы (падыша арагы) алтын м-н платинаны да эритет. А. к-нын туздары—жалпысынан *нитраттар,* ал эми *Na, K, Ca, NH*$_4$ туздары селиталар деп да аталат. А. к-н ө. ж-да алуу аммиакты кычкылдантуудан башталып, төмөнкүдөй реакцияга негизделет: $4NH_3{+}5O_2{=}4NO{+}6H_2O$; $2NO{+}O_2{=}2NO_2$; $3NO_2{+}H_2O{=}2HNO_3{+}NO$. А. к. азоттуу жер семирткичтерди, жарылгыч заттарды, орг. боёкторду даярдоодо, күкүрт ж-а фосфор к-таларын алууда, металлдарды эритүүдө, алтын м-н күмүштү кенден ажыратууда колдонулат. А. к-нын буусу адамды ууландырып, концентрацияланган эритмеси терини күйгүзөт. Ө. ж. имараттарындагы абанын составында А. к-нын өлчөмү 50 *мг/м*³ ден ашпоого тийиш.

АЗОТ КЫЧКЫЛДАРЫ—азоттун кычкылтек м-н бирикмелери: N_2O, NO, N_2O_3, NO_2, N_2O_5. Азоттун чала кычкылы N_2O — түссүз, жагымдуу жыты ж-а таттуу сымал даамы бар газ, кайноо t—89,5°С, эрүү t—102,4°С. Кислоталар, жегичтердин эритмелери ж-а суу м-н реакцияга кирбейт, сууда эрийт, ысытуудан ажырайт. Медицинада жалпы анестезия үчүн колдонулат. Азот кычкылы NO— түссүз газ, кайноо t—151,8°С, эрүү t—163,6°С. Абада кычкылданып, күрөң түстөгү NO_2 ге айланат, сууда начар эрийт, жегичтер, кислоталар ж-а суу м-н реакцияга кирбейт. Азоттуу ангидрид N_2O_3 — кадимки шартта туруксуз бирикме. Суу м-н биригип азоттуу к-таны пайда кылат. Азоттун кош кычкылы NO_2 — тумчуктургуч жыты бар күрөң газ,— 21,15°С де күрөң кызыл суюктукка айланат. Суу м-н кошулганда, азот к-тасын ж-а азот кычкылын, жегичтер м-н кошулганда, нитраттар ж-а нитриттерди пайда кылат. Азот ангидриди N_2O_5 — түссүз кристаллдык зат. Суу м-н кошулуп — азот к-тасын, жегичтер м-н кошулуп туздарды берет. А. к-нын бардыгы физиол. жактан активдүү келет.

АЗОТ ТОПТОО — атмосферадагы молекулалык азотту (N_2) азоттуу бирикмелерге айландыруу процесси. Азотту ар кандай *азот топтоочу микроорганизмдер* (бактериялар, актиномицеттер, ачыткы козу карындар, козу карындар, көк жашыл балырлар) топтойт. А. т.— жаратылышта азоттун айлануусунда чоң роль ойноочу маанилүү биол. процесс. 1 *га.* топурактын үстүндөгү атмосферада 70 миң *т* эркин абалдагы азот кармалып турат. А. т-нун натыйжасында анын бир бөлүгү жогорку түзүлүштүү өсүмдүктөр үчүн пайдаланылат. Көк жашыл балырлар шалы плантациясында гектарына бир жылда 200 *кг* азот топтойт. Буурчак өсүмдүктөрдөгү түймөк бактериялардын аракетинен бир сезондо 100—250 *кг* га чейинки азот топуракка сиңирилет. Бул процесстин а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн арттыруу ж-а топурактын асылдуулугун жогорулатуу үчүн эң чоң мааниси бар. Ошондуктан чанактуулардын уругун түймөк бактерияларын препараттары м-н аралаштырып себишип, кийинки жылы анын ордуна өсүмдүктөрүн айдашат. А. т-ну изилдөө өтө маанилүү. 1894-ж. С. Н. Виноградский А. т-нун натыйжасында аммиак (NH_3) пайда болоорун болжолдоп айткан. Азыркы убакта азоттун оор изотобун (N^{15}) колдонуу м-н жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө аның тууралыгы аныкталды. А. Н. Бах А. т-ну (1934) кычкылдандыруучу — калыбына келтируучу ферменттердин аракеттеринин натыйжасы деп ойлогон. Молекулалык азоттун (N_2) аммиакка (NH_3) чейин калыбына келиши составында темир, молибден, магний болгон ж-а электрондорду N_2 ташып туруучу милдетин аткарган ферменттик системанын катышуусу м-н ишке ашары ыраспталган. А. т-чу ферменттик система N_2 нин калыбына келишин катализдейт. Мында керектелүүчү энергия аденозинтрифосфаттан (АТФ), калыбына келтиргичтен, мис., мол. суутектен (H_2) же сульфит гидратынан ($Na_2S_2O_4$) алынат. Ошентип, ферменттердин жардамы м-н жүрүүчү А. т. кычкылтекти керектебестен эле, калыбына келүүчү процесс болуп саналат. Азот топтоонун жаратылышта мааниси чоң.

АЗОТ ТОПТООЧУ МИКРООРГАНИЗМДЕР — абадагы молекулалык азотту алуучу микроорганизмдер. Буга чанактуу өсүмдүктөрдүн тамырларында жашаган бактериялардын Rhisobium уруусундагы түрлөр кирет. 1 *га* жердеги буурчак, беде өсүмдүктөрүнүн тамырларында ушундай микроорганизмдердин жардамы м-н жылына 100—250 *кг* га чейин абадагы азот жыйналат. Топурактарда ж-а сууларда эркин жашоочу микроорганизмдер — активдүү азот топтоочулар. Аларга споралуу анаэробдук бактерия — клостридиум, аэробдук микроорганизм—азотобактериялар кирет. Азотту көп топтоочуларга көк жашыл балырлардын бир нече түрлөрү (Nostoc, Anabaena ж. б.), жашыл балырлар, кээ бир козу карындар, спирохет ж-а бактериялар да кирет. А. т. м. азоттун жаратылышта айланышында ж-а анын керектүү формалары м-н ар кандай өсүмдүктөрдү камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт, к. *Азот топтоо.*

АЗОТОБАКТЕРИЯ, к. *Бактериялык жер семирткичтер.*

АЗОТТОШТУРУУ — катуулугун, жешилүүгө ж-а дат басууга чыдамдуулугун жогорулатуу максатында металл тетиктердин бетин азот м-н каныктыруу процесси. Болот, титан, кээ бир куймалар, легирленген болот азоттоштурулат. Болоттуу А. аммиак кошуп 500°—650°С темп-рада аткарылат. Титан куймаларын А. абдан таза азотто 850—950°С темп-рада иштелет. Иштетилген катмарынын катуулугун арттыруу үчүн, кээде азот м-н аммиактын аралашмасында А. жүргүзүлөт.

АЗОТТУК ТЕҢ САЛМАКТУУЛУК — жаныбарлар организми кабыл алган ж-а кайра андан бөлүнүп (заара, заң аркылуу) чыккан азоттун шайкеш абалы. Кишинин организминде адатта А. т. с. болот. Суткасына чоң кишилерге орто эсеп м-н 16 *г* азот (100 *г* белокко барабар) керек. Кабыл алынган азоттун саны бөлүнүп чыкканынан аз болсо, азоттук терс баланс пайда болот да, организм арыктай баштайт. Өсүп бара жаткан организм оң азоттук баланска муктаж.

АЗПАК (Азия-Тынч океан совети) — Ыраакы Чыгыштагы ж-а Тынч океандын бат. тарабындагы регондук уюм; 1966-ж. Сеулда (Түштүк Корея) болгон үюштуруу конференциясында түзүлгөн. Ага Япония, Австралия, Жаңы Зеландия, Таиланд, Филиппин, Малайзия, Түштүк Корея, Түштүк Вьетнам (1975-ж. чейин), Тайвань кирген. А. соз жүзүндө экон., маданий ж-а коомдук маселелер б-ча кеңешин турчу уюм болсо да, иш жүзүндө Азиядагы соц. мамл-терге ж-а өздөрү аракет кылып жаткан райондогу улуттук-боштондук кыймылына каршы багытталган саясий союз. А. жылына бир жолу сессия өткөрөт, сессиялар аралыгындагы мезгилде А-тын ишин Туруктуу комитет жонго салып ж-а консультациялап турат. Комитетке А-тын сессиясы кайсы өлкөнүн аймагында өткөрүлсө, ошол өлкөнүн тышкы иштер министри председателдик кылат, калган өлкөлөрдүн элчилери комитетке мүчө болушат. АКШ блоктун мүчөсү болбосо да, анын ишин көзөмөлдөп, башкарып турат. А-тын мүчөлөрүнүн көбү Батыштагы державаларга согуштук топторуна катышат. А-тын мүчөлөрү ар кандай договорлор ж-а келишимдер аркылуу АКШ ж-а Англия м-н байланышта турушат.

АЗУРИТ (фр. azur — көгүлтүр) — карбонаттар классындагы минерал. Хим. формуласы $Cu_3[CO_3]_2(OH)_2$. *Моноклин системасында* кристаллданат. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3,5—4,0. Салыт. салм. 3,77, өңү кочкул көк, айнек сымал жалтырак. Жаратылышта халькопирит, борнит ж. б минералдардын кычкылдануусунан пайда болот. Составында 55,3% Cu кездешкендиктен, А.— жездин баалуу рудасы. Көк боёк жасоого да колдонулат.

АЗХАР, аль-Азхар — мусулмандарда диний ж-а жалпы билим берчү окуу жайларынын комплекси. 10-к-да

Капрде Ахар мечитинин алдында ачылган. 1961-ж. кайра уюштурулган. А-га Жогорку илимий совет, Ислам таануу академиясы, Университет кирет. Университеттин алдында мусулман укугу, админ., инж., мед., араб тили, а. ч. ф-теттери ж-а мусулман аялдарынын коллежи бар. Университетке ректор (аль-Ахар шейхи) башчылык кылат, башкы имам да отол, ЭАРдын өкмөтүндө А-дын иштерин атайын министр тейлейт.

АЗЫК-ТҮЛҮК КОНЦЕНТРАТЫ — тамак-ашты тез ж-а оңой даярдоо үчүн азык-түлүктүн атайын иштетилген кургак аралашмасы. А.-т. к-н даярдоо үчүн ар түрдүү акшак, буурчак, кургатылган жашылча, май, крахмал, кант ж-а татымал азыктар керектелет. Аны жасап чыгаруу: данды коңшундулардан тазалоо, жылуулук м-н иштетүү (бышыруу, кургатуу), кошулуучу составдык бөлүктөрүн өлчөп алуу, аларды аралаштыруу, ныктоо ж-а кагазга ороо сыяктуу технол. процесстерден турат. А.-т. к-нан түрдүү тамакты (борщ, сорпо, ботко, кисель ж. б.) 15—25 *мин* ичинде даярдоого болот. А.-т. к-нын түрлөрүнө жараша нымдуулугу 10% болуп, сактоо мөөнөтү 3—12 айга созулат.

АЗЫК-ТҮЛҮК КУРГАТУУ — буулантуу жолу м-н дандын, мөмө-жемиштердин ж-а жашылчалардын нымын өтө азайтуу процесси. Дан күнгө жайылып же жасалма түрдө жылуулук м-н кургатылат. Күнгө кургатканда, дан жука катмар (10—15 *см*) болуп жайылып, мезгил-мезгили м-н аралаштырылып турулат. Жасалма жол м-н кургатканда, дандын арасына жылуулук сиңиргич сойлотулуп, дан ысытылып буулантылат. Бууланган ным жылуулук сиңиргич м-н сыртка чыгарылып, дан кургайт. Мөмө-жемиштер м-н жашылчалар сорттолуп, тазаланып, тасмалуу буу кургаткычтарында кургатылганда, сапаттуу азык алынат. А.-т. к. азыктын түрүнө ж-а данына, прилигине жараша 50дөн 85°С ге чейинки темп-рада 3—8 саатта бүтөт.

АЗЫК-ТҮЛҮК МУЗДАТУУ — азык-түлүктүн темп-расын төмөндөтүү процесси. Азык-түлүк абада, муз м-н же суюктуктардын эритмесинде муздатылат. Муздак сууда ж-а туздардын аралашмасында азык-түлүк тез муздайт. Эт, жумуртка, жашылча ж-а кондитердик азыктар — абада, ал эми балык, бөтөлкөгө куюлган шараптар суюктуктарда муздатылат. Сүттү, каймакты, мацызды, жемиш ширесин жылуулук өткөрүүчү аппараттарда муздатуу керек.

АЗЫК-ТҮЛҮК ОТРЯДДАРЫ — эгин, азык-түлүктүн дагы башка түрлөрүн даярдоо үчүн 1918—20-ж. түзүлгөн отряддар. ЭКСтин 1918-ж. 9-майдагы жумушчуларды ачарчылыкка каршы күрөшкө тартуу ж-дөгү токтомуна ж-а ББАК м-н ЭКСтин 13-майдагы азык-түлүк диктатурасын колдонуу ж-дөгү декретине ылайык уюшулган. А.-т. о-на жумушчулардын, кедей-дыйкандардын ыктыярлууларынан партиялык, сов. уюмдар сунуш кылгандары кабыл алынып, эгиндүү райондорго жөнөтүлгөн. А.-т. о. адегенде Москва, Петроград, Иваново-Вознесенск ш-ларында уюштурулду; кийинчерээк алар РСФСР Азык-түлүк Эл Комиссариатынын Бирдиктүү азык-түлүк реквизиция армиясына кошулду, 1919-ж. августтан тартып ички тартип сактоо аскеринин карамагына өттү. А.-т. о. тарабынан туруктуу баа м-н сатып алынган же кулактардан тартып алынган эгин мамлекеттин карамагына өткөрүлгөн. 1920-ж. июлда Түркстан АССРинде А.-т. о-нын катарына 800 коммунист жөнөтүлгөн. Крайдын отряддарында 4 миңден ашык киши иштеген. Эгин даярдоо м-н бирге алар саясий-агартуу иштерин жүргүзүүдө жерг. органдарга зор жардам көрсөтүшкөн. Кыргызстандын кээ бир райондорунда А.-т. о-нын алдында а. ч. шаймандарын ремонттоочу кочмө устаканалар да иштеген. А.-т. о. мамлекетке эгин даярдоодо, азык-түлүк саясатын жүргүзүүдө, кедей-дыйкандардын чарбасын уюштурууда, кулактардын ж-а бай-манаптардын каршылыгын жоюуда *жарды-жалчы комитеттери* м-н бирге көп иштерди аткарды. А.-т. о., Гражд. согуш аяктаган соң, *жаңы экономикалык саясатка* өткөндө жоюлду.

АЗЫК-ТҮЛҮК САЛЫГЫ — дыйкан чарбаларынан алынуучу натуралай салык. А. т. с. продразверстканын (азык-түлүк чачымынын) ордуна киргизилген. В. И. Лениндин сунушу б-ча РКП(б)нин 10-съездинде бул салыкты киргизүү ж-дө чечим кабыл алынган. А.-т. с. кулак ж-а оокаттуу чарбалардан көбүрөөк, орто ж-а кедей дыйкандардан азыраак өлчөмдө алынып, жакыр дыйкандар салыктан куткарылган. Продразверсткага салыштырганда А. т. с-нын өлчөмү төмөн белгиленип, ал төлөнгөндөн кийин арткан продукцияларды базар басында эркин сатууга дыйкандар мүмкүндүк алышкан. Бул дыйкандарды кызыктырып, кыска мөөнөттө а. ч-сын ж-а ө. ж-ын калыбына келтирүүгө, жумушчу табы м-н дыйкандардын союзун чыңдоого шарт түзгөн. РКП(б)нин 12-съездинин (1923) чечимине ылайык ар кыл А. т. с-нын ордуна бир түрдүү а. ч. салыгы киргизилип, акчалай салык салына баштаган.

«АЗЫК-ТҮЛҮК САЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ» (*жаңы саясаттын мааниси жана шарттары*) — В. И. Лениндин эмгеги. 1921-ж. апрелде жазылып, май айында өзүнчө басылып чыккан. Анда согуш коммунизми саясатынан жаңы экон. саясатка (НЭП) өтүүнүн маңызы мүнөздөлүп, иэптин мазмуну, аның СССРде социализмди куруудагы мааниси түшүндүрүлөт. Бул эмгек, Совет Респ-касы чет элдик согуш интервенциясын ж-а гражд. согушту жеңип м-н аяктап, бейкут чарбалык курулушка өтө баштаганда жазылат. Ал мезгилде өлкөнүн эл чарбасы тукулуурап, экон. абалы өтө начар болчу. В. И. Ленин ө. ж. м-н транспортту калыбына келтирүүнү а. ч-нын өндүрүч күчтөрүн жогорулатуудан баштоону бирден-бир туура жол деп эсептеген. Бул үчүн мурдагы согуш коммунизм саясатынан көпкө өтүү талап кылынды. В. И. Ленин бул саясатка өтүүнүн экон. жагдайларын терең талдап, анын зарылчылыгын теориялык жактан далилдеди. РКП(б)нин 10-съезди муну жүзөгө ашырып, азык-түлүк чачымынын (продразверстка) ордуна азык-түлүк салыгын киргизди.

Ад.: Ленин В. И., Азык-түлүк налогу жөнүндө (жаңы саясаттын мааниси жана аның шарттары), Чыг., кырг. 1-бас., 32-т.

АЗЫК-ТҮЛҮК ТОВАРЛАРЫ — коомдун керектөөсүнүн кээ бир түрлөрүн канааттандыруучу тамак-аш ө. ж. продуктылары. Буларга тамак-аш, жер-жемиш ширеси, шампан-шарап, консерва, өсүмдүк майы ж-а ар кандай суусун ичимдик (пиво, минералдуу суу), тамеки ж. б. продукциялар кирет. Бул тармак Кыргызстанда негизинен 1935-ж-дан баштап өнүгүп, акыркы 10—15 жыл ичинде өзгөчө өстү. Азыр республикада вино, жашылча-консерва жасоочу, май, тамеки, пиво, суусун ичимдик ж-а ликер-арак чыгаруучу 6 тармак бар, алар 17 пшканадан турат. Булардын ичинен өзгөчө ири пшканалардын катарына Фрунзедеги шампан-шарап комбинаты, Токмоктогу жашылча-консерва з-ду, Оштогу жашылча-вино совхоз комбинаты ж-а Кара-Суудагы май з-ду кирет. 1972-ж. маалымат б-ча бардык тамак-аш ө. ж-нын дүн продукциясынын 47,8% азык-түлүк чыгаруучу тармактын үлүшүнө туура келген.

АЗЫК-ТҮЛҮК ТОҢДУРУУ — узак убакытка сактоо үчүн азык-түлүктөгү нымды, ширени толук бойдон же жарым-жартылай муза айландыруу. 1—5°С терс темп-рада азыктагы нымдын 65% муза айланат. Азык-түлүктөгү нымды, ширени толук бойдон муз кылуу үчүн темп-раны — 55°С—60°С же андан да төмөндөтүүгө туура келет. Бирок темп-раны мынчалык төмөндөткөндө, муздун кристаллдары азык-түлүктүн клеткаларын бүлүндүрүп жибериши мүмкүн. Микроорганизмдердин өөрчүшүн ж-а ткандардагы физ.-хим. өзгөрүүлөрдү токтотуу үчүн, азыктын эң калың жеринде темп-раны —18°Сге жеткирсе жетиштүү болот. Жаныбарлардан ж-а өсүмдүктөрдөн алынган азык-түлүктөрдүн ширеси —0,5°—4°С да (криоскопиялык чекит) тоңот. Азык-түлүктүн сапатын сактоо үчүн тоңдуруунун ылдамдыгы чоң мааниге ээ. Ушуга ылайык А.-т. т-нун үч түрү бар: жайыраак тоңдуруу (муз катмарынын пайда болуу ылдамд. 0,1—1 *см/с*); интенсивдүү тоңдуруу (ылдамд. 1—5 *см/с*) ж-а тез тоңдуруу (ылдамд. 5—20 *см/с*). Азык-түлүктөр муздатуучу камераларда, тез тоңдуруучу аппараттарда, камералык ж-а тоннелдик аба муздаткычтарда тоңдурулат. Туура тоңдурулган азык-түлүктөрдүн бардык сапаты: даамы, аш болумдуулугу ж-а витаминдердин өлчөмү азык-түлүктүн жаңысынан кем калышпайт.

АЗЫК-ТҮЛҮКТҮ ТОҢДУРУП КУРГАТУУ, сублимация — азык-түлүктөгү музду (нымды) суюктукка айландырбастан, түз өле буулантуу процесси (к. *Азык-түлүк тоңдуруу*). Азык-түлүктөгү ферменттерди, витаминдерди ж-а түрдүү экстрактивдик заттарды сактап калуу үчүн, аны тоңгон абалда кургатуу талап кылынат. Бул процесстин жүрүшүндө азык-түлүк 0°С темп-рада, 4,5 *мм сым. мам.* на барабар басым астында тоңдурулуп, андан кийин түз өле буулантырылат. Мындай азык-түлүктүн даамы, түсү бузулбастан көпкө чейин сакталат. А.-т. т. к. ыкмасы тамак-аш ө. ж-да, биологияда ж-а медицинада колдонулат.

АЙ — Жердин табигый жандоочусу. Башка асман телолоруна караганда Жерге эң жакын (384 440 *км*); өзүнөн жарык чыгарбайт; Айдын диаметри 3476 *км*, массасы Жердикинен 81,53 эсе аз, б. а. $7{,}37 \cdot 10^{22}$ *кг;* орточо тыгыз. 3,35 *г/см*^{3}. Айдагы перселердин эркин түшүү ылдамдануусу, чамалап алганда, 1,62 *м/сек*^{2} болгондуктан, тартылуу күчү Жердикинен 6 эсе аз. А. жарыкты Күндөн алат да, Жерди айлануу учурунда фазада (к. *Айдын фазалары)* болуп өтөт. Айдын Жерди айлануу мезгили өз огунда айлануу мезгилине барабар болгондуктан, ар дайым анын берки бети көрүнүп (к. карта), аркы жагы көрүнбөйт. Бирок Айдын орбитасы, эллиптикалык болгондуктан, айлануу огу өз орбитасынын тегиздигине жантайып турат. Натыйжада аркы бетинин эки жакты четтеринин бир аз бөлүктөрү алмак-салмак көрүнүп турат. Бул Айдын *либрациясы* деп аталат. Бул үч түрдөгү либрацияны билебиз: 1) либрациянын натыйжасында Айдын көрүнгөн тегерегинин борбору Ай экваторунун уз. б-ча ±7°54′ которулуп турат; 2) кендик б-ча либрация, мында кендик меридианын бойлоп Айдын борбору б-ча ±6°50′ жылат; 3) параллакстык либрация байкоочунун жер м-н кошо айлануусунун негизинде пайда болот ж-а Жердин экваторунда 57′ га жетет. Бул либрациялардан улам Айдын жалпы бетинин 0,6 бөлүгүн гана көрө алабыз. СССРде 1959-ж. 4-октябрда учурулган планеталар аралык станция гана Айдын аркы бетинин сүротүн Жерге бере алды. Бул сүроттун жардамы м-н Айдын көмүскө бетинин картасы түзүлдү (к. карта). Айда атмосферанын, суунун жоктугунан, Күн нурунун ар кандай чоңдукта чагылышына жараша анын бети ар түрлүү көрүнөт. Айдын бетинин түзүлүшүн *селенография* илими үйрөтөт. Азыркы учурда Айдын бетинин толук картасы түзүлдү. Анда 3200 ден ашык ой-чуңкур ж-а тоо (200 миңи түшүрүлө элек) көрсөтүлгөн. Ай бетинин мүнөздүү өзгөчөлүгү — аның шакек түрүндөгү тоолору м-н кратерлери. Эң чоң кратери — Гримальди (диаметри 235 *км*). Абдан даанаалап көрсөтүүчү телескоптор м-н көрүүгө боло тургандарынын өлчөмү 100—200 *м* ге жетет.

Геологиялык түзүлүшү — Айга конгон автоматтык станциялар м-н космонаттардын маалыматтарына ж-а андан алып келинген тоо тектердин аныктылышына караганда, Айдын бети көп кратерлүү ж-а бийик тоолуу рельефтен, чоң-чоң таштардан, кум ж-а борпоң топурактан турат. Айдагы кратерлердин прилери жанар тоолордун атылышынан, майдалары метеориттердин түшүшүнөн пайда болгон. Шакек сымал тоолордун, тоо кыркаларынын бийиктиктери жердеги тоолордой эле 7—8 *км* ге барабар. Айда магмалык тоо тектер көп. Ай деңиздери *базальттан,* ал эми тоо кыркалары *анортозиттен* турат. А-дын эң үстүнкү бетинде метеориттер тийгенде талкаланган базальт м-н анортозиттен пайда болгон *реголит* аттуу эшилме тоо тектер жатат. «Тегерек» деңиздин астындагы 100 *км* тереңдикте маскондор деп аталган ныктуу заттын чогулмалары бар. Айда орг. тиричилик жок экени аныкталды. Тоо тектердин (базальттын) минералдык ж-а хим. составы негизинен жердегидей, бирок анда Fe, Ti арбыныраак, Na, K азыраак өлчөмдө. Жалпысынан Айдагы тоо тектерде Cr, Ti, Zn окшогон элементтер көп, Au, Ag, Pt сыяктуулар аз, Ай кыртышынын калыңдыгы 25 *км* ге чейин жетет. Айдын тоо тектери мындан 2,0—4,6 млрд. жыл мурда пайда болгон деп болжолдонот. Айдын бетинин темп-расы болжол м-н 130° тан —150° чейин өзгөрөт. Темпраның мындайча өзгөрүшү — атмосферанын жоктугу, Айдын бетинин чаң түрүндөгү жылуулук өткөрүмдүүлүгү аз заттар м-н капталып тургандыгында. СССРде учурулган автоматтык «Луна-16» станциясы (12. 9. 70) Айдын бетине конуп, андан Айдын «топурагын» (100 *г* дан көбүрөөк) алып келди (к. *Ай автоматтык станциясы).* Бул «топуракты» изилдегенде, Айдын жогорку катмары чаңдан ж-а 30—35 *см* тереңдикте кесек заттардан (базальт ж. б.) тургандыгы аныкталды. Кийинки мезгилдерде Айдын бети сов. «Луноход-1», «Луноход-2» деген өзү жүрүүчү ж. б. автоматтар аркылуу изилденүүдө. Айды изилдөө б-ча АКШнын космонавттары бир топ иштерди жүргүзүштү. Мис., амер. космос кемеси «Аполлон-11» м-н Нил Армстронг, Эдвин Олдрин Айга учуп барышты (21. 7. 1969). Айдын таңын чогултуп (22 *кг*) аның бетин сүротко тартуу ж-а теле көрсөтүү б-ча Жерге берүү сыяктуу бир кыйла илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. 19. 11. 1969-ж. «Аполлон-12» м-н адамдын Айга конушу 2-жолу ишке ашырылды (У. Конрад, Р. Гордон, А. Бин). Бул жолу Айдын 45 *кг* таш Жерге жеткирилди, к. *«Аполлон».*

Ад.: Уиппл Ф., Земля, Луна и планеты (пер. с англ.), М.—Л., 1948; Хабаков А. В., Об основных вопросах истории развития поверхности Луны, М., 1949; Мейсон В., Мелссон У., Лунные породы, М., 1973; Виноградов А. В., Коротко о Луне, «Наука и жизнь», 1973, № 9.

АЙ АВТОМАТТЫК СТАНЦИЯСЫ — Айды изилдөөгө арналган космостук аппарат. А. а. с. м-н Айдын кыртышы, андагы физ. шарттар изилденгендиктен, ал ар түрдүү илимий аппараттар, Айдын сүротүн ж-а байкоонун натыйжаларын жерге берип туруучу радиотелеметрдик, тело көрсөтүүчү системалар м-н жабдылган. Станциянын түзүлүшү ж-а анда орнотулган аппараттар Айда иштөөнүн өзгөчө шарттарына ылайыкталат. Сов. «Луна-9» планета аралык автоматтык станция дүйнөдө биринчи болуп 1966-ж. 3-февралда Айга конгон. Кийинки мезгилдерде сов. «Луна-13» (21. 12. 1966), «Луна-16» (12. 9. 1970) ж-а «Луна-17» (17. 11. 1970), «Луноход-1» ж-а амер. «Сервейер-1», «Сервейер-7» планета аралык автоматтык станциялар ийгиликтүү учурулду.

АЙ БАЛТА — байыркы темир доорунан бери көп элдер согушта урунуп келген курч миздүү жарты ай сымак курал. А. б. курч темирден түрдүү өлчөмдө жасалып, узуну ар кандай (2 метрче) катуу жыгачка (ыргай, четин, кайың ж. б.) сапталган. Сабы колго токтомдуу болсун үчүн быдырланып, бүлдүргө тагылган. Душманды уландырып өлтүрүү максатында А. б-нын мизин кээде ууга сугарышкан. А. б.— илгерки жоокерчилик заманда кыргыздар урунган мыкты согуш куралдарынын бири.



АЙ БАЛЫК (mola mola) — туташ жаактуулар түркүмүнө кирүүчү балык. Денесинин уз. 2,5 *м*, салм. 500 *кг* га жетет. Денеси кыска, жалпак, куйрук жагы кесип салгандыгы мукур, жону м-н куйрук астындагы сүзгүч канаттары узун. Куйрук канаты кыска. 300 млн-го жакын икра таштайт. А. б. тропиктик деңиздерде СССРдин Ы. Чыгыш деңиздеринде кездешет. Баш-буттуу моллюскалар, рак сымалдар, о. эле майда балыктар м-н азыктанат.

АЙ КАЛЕНДАРЫ — Айдын фазала-



Айбек.



И. К. Айвазовский.

рының өзгөрүшүнө негизделген мусулман (хижра) календары, к. *Календарь*.

АЙБАНАТ ФЕРМАСЫ — териси баалуу айбанаттарды колдо өстүрүүчү ферма. Мындай фермаларда негизинен суу күсөн, когултур түлкү, калтар, булгун, куну ж. б. багылат. Булар көбүнчө капаста багылып, териси ички соодага ж-а экспортко чыгарылат. Падышалык Россияда А. ф. кеңири өрчүтүлбөгөндүктөн, биринчи фермаларда өстүрүлгөн айбанаттардын териси, аңчылыктан алынган териге караганда, бир кыйла кымбат болгон. СССРде 1928—29-ж-да Архангельск, Москва, Тюмень облустарында алгачкы А. ф-лары уюштурула баштады. Кийинчерээк Кыргызстанда да (Фрунзе, Пржевальск) А. ф. уюштурулду. Бардык А. ф-ларында механикалаштырылган тоют ашканасы, тоют камдоочу агрегат ж-а машиналар бар. А. ф-да эмгекти уюштруунун негизги формасы — бригада. Ал өзүнө бекитилип берилген айбанаттарды асырайт. Айбанаттарды багууда алардын биол. өзгочөлүктөрү эске алынат. Куут өз убагында өткөрүлүп, союлган айбанаттардын орду толукталып турат. А. ф-да чоң, тукумчул, териси сапаттуу айбанаттарды тандап алуу б-ча асылтукум иши жүргүзүлүүдө, к. *Мал чарба фермасы*.

АЙБАНАТ ЧАРБАЧЫЛЫГЫ — териси баалуу айбанаттарды багып өстүрүүчү мал чарбасынын тармагы. Айбанаттар негизинен капаста, кээде айрым аралда, атайлап тосулган жерде багылат. Анда күрөң, көгүлтүр түлкү, жанат, нутрия, киш (булгун), суусар ж. б. асыралат. Кыргыз элинде айрым адамдар чаарчык, бачики, мамалакты ж. б. колдо багышкандыгы белгилүү. СССРде 1927—28-ж-да айбанат багып өстүрүүгө адистештирилген совхоздор уюштурула баштайт. 1945—69-ж-дын аралыгында айбанат багып өстүрүүчү 136 ири совхоз уюштурулган. Бул мезгилдин ичинде баалуу тери алуу 200 эсе көбөйгөн. 1929-ж. Бүткүл союздук зоотехниялык ак тери-сырьё чарбачылык ин-ту, 1932-ж. аңчылык айбанаттарды өстүрүү б-ча борб. ил. из. лабораториясы негизделип, керектүү адистер даярдалат. Негизги багыты мал чарбачылыгы болгон совхоздор м-н колхоздордо да өстүрүлө баштайт. Кээ бир чарбада айбанаттардын саны 20 миңге чейин жетет. Бүткүл Сибирь, СССРдин Европа бөлүгүнүн түн. ж-а ортоңку тилкелеринде калтар, кара түлкү, ак түлкү, суу күсөн, киш багууга климат шарты өтө ыңгайлуу келип, анда айбанат көп өстүрүлүүдө. Примор крайында, Карел АССРинде, Прибалтика респ-каларында суу күсөн, ак түлкү ж. б-ды багуучу чарбалар көбөйүүдө. Айбанат чарбалары Ненец, Эвенк улуттук округдары м-н Якут АССРинин колхоздорунда экон. жактан зор мааниге ээ. Кыргызстанда айбанаттарды багып өстүрүү 20-ж-дарда башталган. 1956-ж. Фрунзеге жакын жерде ферма уюштурулуп, анда кара түлкү (кийин ак түлкү да) багыла баштаган. Азыр Пржевальскиде да териси баалуу айбанаттар өстүрүлүүдө.

АЙБАНАТТАР СТИЛИ — байыркы иск-водо кеңири таркалган стилдик шарттуу аталышы. Анын айырмалуу белгиси айрым айбандардын кээ бир дене мүчөлөрүнүн, аны м-н бирге бир нече айбандын татаал композициясын сүрөт м-н көрсөтүүдө болгон. Ал Борб. Европадан Кытайга чейин таралып, таптык коомго чейинки ар түрдүү уруулардын ж-а элдердин иск-восунан кеңири орун алган. А. с. айбандардын белгилүү бир сөлөкөтүн өзгөчө ыкмалардын жардамы м-н мүнөздөп көрсөтөт. Бул стиль скифтердин (б. з. ч. 7-к.) доорундагы иск-водо айрыкча басымдуулук кылат. А. с. айбандардын түспөлүн толук көрсөтүүнүн ордуна, алардын таанылдашкан символун элестетүү м-н да чектелген. Кээде бир жаныбардын көрүнүшүнөн экинчи бир жаныбардын элеси пайда болуп көрсөтүлгөндүгүн да байкоого болот. Мис., бугу-

1. Шумкар түспөлүндө жасалган алтын сөйкө (Сары-Жон көрүстөнү, Кетмен-Төбө, б. з. ч. 6—4-к.); 2. Канаттуу ат. Коло тогоо (Жал-Арык көрүстөнү, Кетмен-Төбө); 3. Жыртыч айбан түспөлүндө жасалган тогоо (Барскоон көрүстөнү); 4. Теке.



нун чагарак мүйүзүнөн бүркүттүн тумшугунун пайда болгонун көробуз. Кээде тумшугу жырткыч айбандыкы болсо, бут жагы жылкынын же койдун буту болуп да тартылган. Искводнун бул стили көбүнчө чолпуларды, төөлүктөрдү, билериктерди ж. б. буюмдарды кооздоо аркылуу берилген. А. с-нин кээ бир үлгүлөрү Кырг-нда көбүнчө Кетмен-Төбө өрөөнүнөн табылган.

АЙБАНАТТАРДЫН КОРГОНУУГА ЫЛАЙЫКТАНЫШЫ — жаныбарлардын жашоо үчүн күрөшү; физиологиялык, морфологиялык же этологиялык өзгөчөлүгү, б. а., өзүнүн жашоосун ж-а түрүнүн сактап калышын камсыз кылышы. Айбанаттар жашоо шарттарына, өздөрүнүн кыймыл-аракеттерине карата жеке ж-а чогуу коргонууга ылайыктанышкан. Айбанаттардын өсүп-өөрчүшүндө ж-а айланачөйрөнүн кысымынан сактанышында алардын денесинин сыртқы түзүлүштөрүнүн ар түрдүү формада болушу А. к. ы-на ыңгайлуу шарт түзөт. Кээ бир жаныбарлар душмандарынан коргонуу үчүн денелеринен сасык жыт бөлүп чыгарса, айрымдары уу бездеринен уулуу заттарды чыгарат.

АЙБАНАТТАРДЫН МИГРАЦИЯСЫ — жашоо шарттарынын өзгөрүшүнө же өөрчүү циклинин өтүшүнө байланыштуу жаныбарлардын бир жерден экинчи жерге оошуусу. Миграция — жаныбарлардын жашашындагы эң маанилүү биол. кубулуш. А. мигр. үзгүлтүксүз (маалындагы же беймаал) ж-а кокусунан (үзгүлтүккө учураган) болуп бөлүнөт: үзгүлтүксүз өз маалы м-н жашоонун өзгөрүшүнө же өсүү стадиясынын алмашуусуна байланыштуу болсо, үзгүлтүккө учураганы (кокусунан) жашоо шартынын капыс бузулушунан, айласыздан келип чыгат. А. мигр. активдүү же пассивдүү мүнөздө болот. Миграция жаныбарлардын бардык өкүлдөрүндө, өзгөчө сүт эмүүчүлөрдө, канаттууларда, балыктарда ж-а курт-кумурскаларда кездешет. А. мигр. горизонттук (кургакта, суууда) ж-а вертикалдык (тоодо, жер кыртышында, суу терендигинде, өсүмдүктөр катмарында) багытта болот.

АЙБАШЕВ Абугазир (1907—1965) — кыргыздын туңгуч актёрлорунун бири, Кырг. ССРинин эмг. сиц. артисти (1939). 1940-ж-дан КПССтин мүчөсү. Фрунзедеги театр студиясын бүткөндөн тартып (1926—1962-ж-га дейре) Кыргыз мамл. драма театрында актёр. Кыргыз иск-восунун Москвада өткөн биринчи декадасына катышкан (1939). Аткарган ролдору: Максут (Ж. Турусбеков, «Ажал ордуна»), Мадыл (Ж. Боконбаев, «Алтын кыз»), Долонхан (К. Жантошев, «Курманбек»), Адылчаев (Т. Абдумомунов, «Тар капчыгай»), Кесслер (К. Симонов, «Орус маселеси»), почточу (Ч. Айтматов, «Бетме-бет») ж. б. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



1



2



3



4



5



6



7



8



9



10



11



12

Актердук искусство макаласына. 1. М. С. Щепкин Чупрундун ролунда («Москаль Чаривники»). 2. М. Н. Ермолова Ионнанын ролунда (Ф. Шиллер, «Орлеандык кыз»). 3. К. С. Станиславский Фамусовдун ролунда (А. С. Грибоедов, «Акылдын азабы»). 4. Ф. И. Шаляпин Борис Годуновдун ролунда (М. П. Мусоргский, «Борис Годунов»). 5. Н. Черкасов Александр Невскийдин ролунда. 6. И. В. Ильинский Хлестаковдун ролунда (Н. В. Гоголь, «Текшерүүчү»). 7. Б. Бабочкин Чапаевдин ролунда. 8. Л. В. Собинов князддын ролунда (А. С. Даргомыжский, «Русалка»). 9. В. Казаков М. В. Фрунзенин ролунда. 10. Серго Закариадзе («Солдаттын атасы» кинофильминен кадр). 11. М. Рыскулов (В. Шекспир, «Король Лир). 12. Д. Күйүкова Толгонайдын ролунда (Ч. Айтматов, «Саманчынын жолу»).



1



2



3



4



5



6

Алжир макаласына. 1. Тель-Атлас кырка тоолорунун тантин ш-нын Рюмель д-нын капчыгайындагы көпүрө та- Варсенис массиви. 2. Жер семирткичтерди чачуу. 3. Конс- раптын көрүнүшү. 4. Лагуат ш-нын көчөлөрүнүн бири. 5. Алжир Сахарасындагы Эль-Уэд ш. 6. Тиндуф ш.

АЙБАШЕВА Канымкүл (1901—1940) — кыргыз совет актрисасы, Кырг. ССРинин эмг. сиң. артисти (1939). 1927-ж-дан КПССтин мүчөсү. А-ның чыгармачылык ишинин башталышы Кырг. муз. драма студиясынын ачылышы (1926) м-н байланыштуу болгон. А.— кыргыз театр иск-восунун эң алгачкы өкүлдөрүнөн. Белгилүү ролдору: Бубүкан (М. Токобаев, «Кайгылуу Какей», 1927), Күлсүн (К. Жантөшев, «Карачач», 1929), Анна Андреевна (Гоголь, «Текшерүүчү», 1929), Эшимдин аялы (Р. Шүкүрбеков, «Жапалак Жатпасов», 1936), Токтордун байбичеси (Ж. Бөкөмбаев, «Алтын кыз», 1937) ж. б. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

АЙБЕК (ылакап аты; чыныгысы — Муса Ташмухамедов) (1905—1968) — өзбек совет акыны ж-а прозаиги. Өзбекстандын эл жазуучусу (1965). 1948-ж-дан КПССтин мүчөсү. Өзб. ССР ИАның академиги (1943). О. Азия ун-тинин экон. ф-тетин бүтүргөн (1930). Туңгуч ырлар жыйнагы 1926-ж. чыккан. А.— «Факел» аттуу ырлар жыйнагынын (1932), «Өч» (1932), «Жура уста» (1933), «Хамза» (1948), «Зафар жана Захра» (1951), «Акыйкатчылдар» (1954) деген поэмалардын, «Ыйык кан» (1943), «Навои» (1945), «Алтын өрөөн шамалы» (1950), «Күн өчпейт» (1958), «Улуу жол» (1967) деген романдардын, «Жарык издеп» (1956) ж-а «Бала чак» повесттердин автору. «Навои» аттуу романы үчүн 1946-ж. СССР Мамл. сыйлыгын, «Бала чак» повести үчүн 1962-ж. Өзб. ССРинин Хамза атн. Мамл. сыйлыгын алган. А-тин мыкты прозалык чыгармалары советтик ж-а чет элдик бир катар тилдерге, асыресе кыргыз тилине да которулган. А. өзбек окурмандарын орус ж-а дүйнөлүк адабияттын классикалык чыгармалары м-н тааныштырган. СССР Жогорку Советинин 5—6-шайланышынын депутаты. Эки Ленин ордени, 4 башка орден, медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Ыйык кан, Фр., 1959; Сочинения, т. 1—5, Таш., 1962—64.

Ад.: Якубов Х. И., Айбек, в кн.: История узбекской советской литературы, М., 1967; Кошчанов М., Мастерство изображения характеров в романах Айбека, Таш., 1959.

АЙБИКЕ—Ош обл-нын Лейлек р-нундагы Тогуз-Булак сельсоветине караштуу кыштак. «Исфана» к-зунун аймагында, Ак-Тайлак тоосунун этегинде, Лейлек-Баткен шоссе жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Исфанадан 29 *км* чыг. тарапта, Пролетарский т. ж. станциясынан 69 *км*. Калкы 946 (1971). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар.

АЙВАЗОВСКИЙ, Гайвазовский Иван Константинович (1817—1900) — орус сүрөтчүсү, деңиз пейзажынын чебери. Майда соодагер армяндын уулу. 1833—37-ж. Петербург сүрөт академиясында М. Н. Воробьевдон ж-а француз сүрөтчүсү Ф. Таннерден окуган. 1845-ж. академик, 1847-ж. профессор, 1887-ж. Сүрөт академиясынын ардактуу мүчөсү. А. европ. бир нече академияга мүчө болуп шайланган. «Тогузаучу вал» (1850), «Чесмен согушу», «Наваррин согушу» (1948) деген шедеврлердин, о. эле көркөмдүк сапаты бийик 6 миңге жакын картина, сүрөт ж-а акварелдин автору.



И. К. Айвазовский. «Тогузаучу вал». 1850. Орус музейи, Ленинград.

Ад.: Барсамов Н. С., И. К. Айвазовский, М., 1967.

АЙВАН — 1) О. Азиянын турак жайларында, мечиттеринде ж. б. маданий мекемелеринде кездешүүчү чатыры жайык, түркүктөр м-н тирелген бастырма; 2) короонун ичиндеги бир капталы ачык кенен имарат, о. кылымда О. Азия м-н Ж. Чыгыштын дворецтик ж-а табынуу, сыйынууга ылайыкталган архитектурасында кеңири колдонулган. Кыргызстандын терр-ясында А. архитектурасы б-ча көп турак үйлөр (көбүнчө Кыргызстандын түштүгүндө), мечиттер салынган. Мис., Сулайман тоосунун этегиндеги мечит. Имараттын ортоңку чатыры купол түрүндө жабылып, ал эми капталындагылары кышкы имаратка ылайыкташтырылган. Ушуга окшош мечиттер О. Азиянын Самаркан, Бухара ж. б. ш-ларында да кезигет. А. адатта кышкы имарат м-н тыкыс бириктирилип, бир же үч капталы тосулуп курулат да, жабылганы — кышкы, ачыгы жайкы А. болуп саналат.

«АЙГҮЛ» — кыргыз түрмушу ж-дөгү алгачкы толук метраждуу көркөм фильм (1937, борб. «Союздетфильм»). Сценарийи И. Вершининдики, режиссёру — Ю. Васильчиков, оператору — Б. Монастырский, художниги — В. Панталеев, композитору — К. Корчмарев, үн оператору — К. Никитин, консультанттары — А. Ерохин ж-а Б. Мошков. Роль аткаргандар: Айгүл — Т. Зейферт, Мустафа — П. Гладжиев, Лу Си-я — Н. Мучирин, Ороз — А. Боталиев, Ярматов — Т. Хожаев, Вовсенко — Б. Баратов, Санд—А. Ким.

АЙГЫР — жашы ж-а жыпысы жетик, бычылбаган эркек жылкы. Бээге караганда ирдүү, жал-куйруктуу, жумушка чыдамдуу ж-а күчтүү келет. А. породасына, жыпыстык кубатына жараша тандалат. А. тукумуна карата быштын кезинен коюлат. Ал үчүн кунандар вет.— зоотехниялык кароодон өткөрүлөт. Чобур кунандар бычылат. Үйүрдөгү айгырга 20—25 бээ каратылат. Быштын А-дын үйүрү эки эсе аз болот. А. 13—15 асыйына чейин пайдаланылат.

АЙГЫР ЖАЛ (Leucopoa) — дан өсүмдүктөр тукумунун уруусундагы көп жылдык ири нык түптүү өсүмдүк. Толук эки үйлүү эмес, биринде аталыктары экинчисинде энеликтери ж-а мөмөлүү толук өөрчүп жетилбеген. Машакча кабыкчаларынын жээктери жаргакчадай агыш. Топ гүлү—татаал машак. Бул уруунун 5 түрүнүн баары тең СССРде кездешет. О. Азияда, о. эле Кыргызстанда эки түрү L. Olgae, L. Karatavica тоонун шагылдуу беттеринде, кыраңдарда, аскаларда өсөт. Көк кезинде тоютка пайдаланылат.

АЙГЫР-ЖАЛ — Ош обл-нын Ала-Бука р-нундагы Каныш-Кыя сельсоветине караштуу кыштак. «Чаткал» с-зунун аймагында. Чаткал өрөөнүнүн ортонку бөлүгүндө. Райондун борбору Ала-Букадан 132 *км* түн.-бат. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 197 *км*. Калкы 1038 (1971). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

АЙГЫР-ЖАЛ КӨРҮСТӨНҮ—1—5-к-да тянь-шандык көчмөн уруулардан калган археол. эстелик. Нарын ш-нын бат. тарабында (7 *км*). Жүзгө жакын дөбө-мүрзөдөн турат. А. ж. к-нө адамдар жөнөкөй төрт чарчы чуңкурга, жарма көргө ж-а казанагы бар мүрзөгө башы кыбыланы каратылып коюлган. Ал көрүстөндөн жыгач ж-а карапа идиштер, темир бычактын сыныктары, жыгач табактар, устолчолөр ж. б. буюмдар табылды. Аны изилдөө иштерин А. К. Кибиров жүргүзгөн (1953).

АЙДАП ЖИБЕРҮҮ — 1) соттолгон адамдын кайсы бир жерлерде жашап турушуна тыюу салып, турган жеринен чыгарып жиберүү. А. ж. негизги ж-а кошумча жаза катарында 2 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө белгилениши мүмкүн. 2) А. ж.— бийликтин компетенттүү органдарынын токтому б-ча мамлекеттин же анын кайсы бир районунун чегинен чет өлкөлүк адамды мажбурлап чыгарып жиберүү. Капит. мамл-терде ал чет өлкөлүктөргө репрессия катары көп кол-



Айгыр-Жал көрүстөнү. 1. Өлүктү көмүүнүн планы; 2. Темир казан; 3. Тактай жыгач.

донулса, СССРде ж-а соц. өлкөлөрдө соц. законду бузуучуларга каршы айрым учурларда гана колдонулат.

АЙДАП КЕЛТИРҮҮ — тергөө же сот органдары чакырса келбеген адамды мажбурлап алып келүү. А. к-гө тергөө кызматкеринин токтому же соттун аныктамасы негиз болот. Ал б-ча уголовный процесске келгенден себепсиз баш тарткан айыпкерлерди, күбөлөрдү, тилмечтерди, эксперттерди, закондо көрсөтүлгөн ж. б. керектүү кишилерди мажбурлап А. к-гө болот. Муну милиция органы аткарат.

АЙДАРААЛЫ Бейшүкүров (лакап аты — Айдараалы Жөргөлөк; 1851, Талас боюндагы Кызыл-Адыр кыш.,—1934, Киров р-ну, Чолпонбай атн. к-з) — кыргыз комузчусу, эл куудулу, ырчысы. Атасы Бейшүкүр байлардын малын багып, тиричилик өткөргөн кедей болгон. А-нын комузга, ырга шыктуулугу, куудулдугу бала чагында эле көрүнгөн. Анын аялдар ж-дөгү санат ырларында аялга мүнөздөмө берилет. А. «Курманбек», «Кожожаш» өңдүү кенже эпосторду айтып, өзү да юмордук, сатиралык мүнөздөгү ырларды чыгарган. Ал жакшы комузчу, кыякчы, чоорчу болгон. Бирок анын чыныгы атагын калк арасына комузчулук өнөрү тараткан. А-нын элге кеңири белгилүү чыгармалары: «Ак кочкор канкы», «Канышбек», «Сары барпы», «Иле менен Кара тал», «Дубананын жар салганы», «Ак токту», «Сурнай күүсү» ж. б. Ар бир күүнү ал ыр м-н коштоп, күүсүнүн ыргагына жараша кебетекепширин кубултуп, топусун кыйшайта кийип, ордунда жөрмөлөп, кол ойнотуп аткарган. Ошондуктан эл аны Айдараалы Жөргөлөк атка конгурган. «Дүнүйө», «Сен», «Сен дүйнө», «Кол ойнотмо» сыяктуу ондогон күүлөрдү чыгарган. Анын ашкере куудулдугу, кайталангыс таланты, аткаруучулук устаттыгы «Айдараалынын алты кайырмасы» м-н «Көйрөң күүсүндө» айкын көрүнгөн. Азыр «Көйрөң күү» — комузчулар ансамблинин репертуарындагы негизги ж-а сүйүктүү номерлерден.

Ад.: Алагушов Б., Кыргыз комузчулары жана комуз күүлөрү, Фр., 1961.

АЙДАРАЛИЕВ Акматбек [30. 7 (12. 8). 1916-ж. т., Кант р-ну, Ак-Добо кыш.] — советтик коомдук гигиенист, медицина илиминин доктору (1960), профессор (1960), Кырг. ССРинин эмг. сиң. врачы (1948). 1939-ж-дан КПССтин мүчөсү. Ташкен мед. интун бүтүргөн (1939), ошол эле жылы Нарын обл. саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы. Ленинград аскер округунда кенже врач (1940), кийин санитардык кызматтын начальниги, Пржевальскидеги шаардык поликлиниканын башчысы (1941—43), КММИнин алдындагы көздү текшерүү клиникасында ординатор (1943), ассистент (1944), Кырг. ССР саламаттык сактоо министринин кадрлар б-ча орун басары (1947—50). КММИнин директору (1952—55), Кырг. ССР саламаттык сактоо министри (1960—63). 1963-жылдан бери КММИнин саламаттык сактоо ж-а социалдык гигиена кафедрасынын башчысы. А-дин ил. из. иштери негизинен көз оорулары ж-а Кыргызстандагы саламаттык сактоонун тарыхын, санитария маселелерин изилдөөгө арналган. 1963-ж-дан бери ошол эле институттун саламаттык сактоо кафедрасынын башчысы. А. илимдин 1 докторун, 20 кандидатын даярдаган. 80 ден ашуун илимий эмгектин автору, Кырг. ССРинин ил. эмг. сиң. ишмери (1974). Ал Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Трахома, Фр., 1952; Жугуштуу көз оору трахомадан сактангыла, Фр., 1957; Илимий медицина жана дин, Фр., 1957; Кыргызстанда саламаттык сактоо ишинин негизги өсүш этаптары, Фр., 1958; Медицина жана дин, Фр., 1963; В. И. Ленин жана советтик саламаттык сактоо иши, Фр., 1969; Калктын саламаттыгын сактоо жөнүндөгү лениндик идеянын Кыргызстанда аткарылышы, Фр., 1970; Советтик Кыргызстанда саламаттык сактоо ишинин өсүшү, Фр., 1970; Пайдалуу жана зыяндуу үрп-адаттар, Фр., 1971; Саламаттык сактоо ишинин мындан ары өсүш жолдору, Фр., 1972.

АЙДАРБЕК — Калинин р-нундагы Ново-Николаевка сельсоветине караштуу кыштак. Ильич атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Калининден 13 *км* чыг. тарапта, Кара-Балта т. ж. станциясынан 12 *км* аралыкта. Калкы 817 (1974).

АЙДАРБЕКОВ Иманаалы (1894—1938) — Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуунун ж-а чыңдоонун активдүү катышуучусу. Пишпек уездинде дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1909-ж. Пишпектеги а. ч. техникумун бүтүргөн. 1912—18-ж-да айылдык общинада катчы. 1918-ж-дан РКП(б)нин мүчөсү. 1918—20-ж-да — Пишпек уездик-ш-дык Советинин аткомунун, 1920—21-ж-да Кара-Кол уездик ревкомунун мүчөсү, 1921—23-ж-да — Пишпек уездик Советинин аткомунун председатели. 1923—24-ж-да Жети-Суу обл. жер бөлүмүнүн башчысы, обл. аткомдун председатели, 1924-ж. Кыргыз Авт. обл-нын ревкомунун председатели болуп дайындалган. 1925-ж. РКП(б) БКнын ОАнын бюросунун карамагына чакырылып, 1926-ж-дын июлуна чейин Ташкенде «О. Азиядан» конторасында башкарманын мүчөсү болуп иштеген. Андан соң 1931-ж-га чейин — Кыргыз а. ч. банкынын башкармасынын мүчөсү, Кыргыз АССР Юстиция Эл Комиссариатынын Башкы сотунун председатели. Мындан кийин саламаттыгына байланыштуу пенсияга чыккан. А. советтердин болуштук, уездик, обл. съезддерине делегат болуп бир нече жолу шайланган. Кулактардын Ак-Суу козголоңун, Нарындагы контррев-ячыл көтөрүлүштү басууга активдүү катышкан. Кыргызстанда Сов. бийлигин чыңдоого активдүү катышкандыгы ж-а контрревячыл күчтөрдү басууда көрсөткөн эрдиги үчүн Кыргыз АССР БАКинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

АЙДАРБЕКОВ Курманкул (1916—1974) — Кырг. ССРинин Кант р-нундагы «Алга» к-зунун дыйканчылык бригадасынын бригадири. Соц. Эмг. Баатыры (1965), 1956-ж-дан КПССтин мүчөсү. Эмгек жолун 1929-ж. катардагы колхозчудан баштап, тракторист, шофёр болуп иштеген. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1956—63-ж. кызылча өстүрүүчү бригаданын комплекстүү механикалаштырылган звеносун башкарган. 1963-ж. бригадир. Ал башчылык кылган бригада 1964-ж. 280 *га* кант кызылчасынын ар гектарынан 454 *ц* ден, 1965-ж. 310 *га* аянттын ар гектарынан 518 *ц* ден түшүм алган. А. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЙДАРОВ Ташпай (1919-ж. т.) — Ош обл-дагы Ала-Бука р-нунун «Чаткал» с-зунун старший чабаны. Соц. Эмг. Баатыры (1971). Эмгек жолун колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1960—70-ж. орто эсеп м-н 526 соолуктун ар жүзүнөн — 123,5, 1970-ж. 140 тан козуну аман асырап, ар койдон 4,2 *кг* жүн алган. Эки жолу Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЙДАХО — АКШнын түн.-батышындагы штат. Аянты 216,4 миң $км^2$. Калкы 698,3 миң (1970). Админ. борбору — Бойсе ш. А. Колумб бөксө тоосунун түш. жээгин ж-а Снейк д-нын түздүктөрүн ээлейт. А. ч-сы негизинен түш. бөлүгүндө өнүккөн. Картошка (АКШда 1-орунда), кант кызылчасы, буудай, тоют өсүмдүктөрү эгилет. Бардык товардык а. ч. продукциясынын 44% ин мал чарбачылыгы берет. Күмүш, цинк, коргошун кендерин казып алуу б-ча АКШда алдыңкы орундарда турат. Ө. ж-нын башкы тармагы — түстүү металлургия, тамак-аш, жыгач иштетүү.

АЙДИТ Дипа Нусантара [30. 7. 1923—22 (?) 11. 1965] — Индонезиянын жумушчу ж-а коммунисттик кыймылынын ишмери. Суматра а-да плантацияда иштөөчү жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Коммерсиялык мектепти бүтүргөн. Саясий ишмердигин прогрессчил жаштар уюмдарында ж-а профсоюздарда иштөөдөн баштаган. 1943-ж-дан — Индонезиянын Компартиясынын (ИКП) мүчөсү. Өз элинин көз каранды эместиги үчүн күрөшкө активдүү катышкандыгы үчүн 1945-ж. чет элдик аскер бийликтери камакка алган. Индонезия көз каранды эмес мамлекет болуп жарыялангандa (1945), прогрессчил жаштар уюмдарынын бирөөнүн жетекчилеринен болгон. 1947-ж. ИКП БКнын, 1948-ж. анын Саясий Бюросунун мүчөсү болуп шайланган. 1951—59-ж-да ИКП БКнын секретары, ген. секретары, 1959-ж-дын сентябрынан кийин ИКП БКнын председатели. А. Индонезиянын мамл. жогорку органдарында да жооптуу кызматтарда иштеген. А. 1965-ж. ноябрда «30-сентябрдагы окуяларга» байланыштуу реакция тарабынан ИКПге каршы таңууланган террордун курманы болду.

АЙДОО — жерди калактуу соко м-н иштөөнүн негизги ыкмаларынын бири. А. мезгилинде топурак майдаланып, жумшарат ж-а аралашат. А. кыртыштын түзүлүшүн (структурасын) өзгөртөт. Жердин айдоонун негизги максаты топурактын ным, аба ж-а жылуулук режимин жакшыртуу болуп саналат. А. ар түрдүү типтеги соко м-н жүргүзүлөт. Айдоонун түрлөрү: 1) топуракты катмары б-ча коңторуп айдоо, мында эни 40 *см* ге чейинки катмар анчалык терең айдалбастан, сокону калагы топурак катмарын буралтып барып 180° ка оодарып таштайт, бул ыкма — чымдуу жерди айдоонун эң байыркы, жөнөкөй жолу. Мындай айдоо, кошумча иштөөнү, ар түрдүү агротех. чараны талап кылып, өзүн-өзү актай албагандыктан, колдонулбайт; 2) чымдуу жерди сокону калагы 130° ка оодарып, жер катмарын 45° бурч б-ча бири бирине тыгыз жаткырып кетет. А-нун мындай түрү тарыхый жактан кийинчерээк пайда болуп, анчалык өздөштүрүлө элек. Мындай учурда чымдуу топурактагы өсүмдүктөрдүн тамыр-сабактары бир нече айга чейин чирип жоголуугa үлгүрө албай калат да, талааны себүүгө даярдоо үчүн, А. аянтын көбүрөөк дискалап ж-а малалап чыгуу керек; 3) өздөштүрүлгөн айдоодо жер тилгичтүү соко м-н айдалат. Сококун тилгичи айдоо катмарынын үстүнүн $^2/_3$ бөлүгүн (81—12 *см*) тилип, бороздун түбүнө кулатат, ал эми сокону калагы А. катмарынын төмөнкү бөлүгүн оодарып таштайт. Айдоонун бул түрү азыр кеңири колдонулат. Айдоонун тереңдиги топурак катмарынын кубаттуулугуна, эгилүүчү өсүмдүктөрдүн биол. өзгөчөлүктөрүнө, айдоо мезгилине, талааны отоо чөп басышына, өсүмдүк зыянкечтеринин ж-а илдеттеринин таралышына жараша болот. А-нун тереңд. 20 *см* болсо — нормалдуу, ага жетпесе — тайыз, андан ашса, терең деп эсептелинет. А. зонанын топурак, климат өзгөчөлүгүнө, эгилүүчү өсүмдүктүн агро-техникасына, себүү мөөнөтүнө ж. б. шартка байланыштуу жүргүзүлөт.

АЙДОО АЯНТЫ — айыл чарба өсүмдүктөрү эгилген жер. Ал жалпы ж-а айрым а. ч. өсүмдүктөрү эгилүүчү А. а. болуп экиге бөлүнөт. Бардык а. ч. өсүмдүктөрү эгилүүчү аянт жалпы А. а деп аталат. Пайдалануу, багуу ыктары ж-а ботан. түрү ар кандай өсүмдүктөр эгилүүчү жер айрым айдоо аянты болуп өзгөчөлөнөт. Жалпы А. а-на ар түрдүү а. ч. өсүмдүктөрүн бөлүштүрүү аянттын структурасын түзөт. Кыргызстанда 1974-ж. бардык А. а. 1288,3 миң *га* болгон; дан өсүмдүктөрү — 572,9 миң, тех. өсүмдүктөр — 139,1 миң, тоют өсүмдүктөрү — 529,2 миң, ал эми жүгөрү 38,0 миң *га* жерге эгилген.

АЙДОО АЯНТЫНЫН СТРУКТУРАСЫ — жалпы айдоо аянтында ар бир а. ч. өсүмдүгүнө туура келүүчү жер өлчөмүн көрсөтүүчү бирдик. А. а. с. туура белгиленсе, жерди рационалдуу пайдаланууга шарт түзүлөт. Ал а. ч-нын адистештирилгендигине жараша анын экономикасын жогорулатууга көмөкчү болот. А. а. с. климат шартына, жер кыртышынын өзгөчөлүктөрүнө, чарбанын экономикасына ж-а тех. жабдылышына жараша, түшүмдүү өсүмдүктөрдү арбын эгүү м-н түзүлүүгө тийиш. Мис., Кыргызстандын түштүгүндө айдоо аянтынын 60—70% не пахта, ал эми Чүй өрөөнүндө которуштуруп айдоонун 20—25% не кант кызылчасын эккенде, айдоо аянтынын ар гектарынан арбын киреше алынары далилденген.

АЙДООНУ ТЕРЕҢДЕТҮҮ — жер айдоо ыкмасы. Кыртыш терең, тайыз ж-а коңторбой айдалат. Ушуга байланыштуу айдоо бир катмарлуу, эки катмарлуу ж-а үч катмарлуу болот. Булардын негизгиси — терең айдоо. Терең айдаганда орг. заттар чирип, минералдуу бирикмелер кычкылданып, өсүмдүктөр оңой сиңире турган заттар топтолот. А. т-нүн натыйжасында аэробдуу бактериялар өөрчүп, өсүмдүктөр зыянкечтер м-н илдеттерге аз чалдыгат да, жер семирткичтер көбүрөөк сиңирилип, түшүм арбыйт.

АЙДЫН ЖАСАЛМА СПУТНИГИ — селеноборб. орбитага чыгарылган космостук учуучу аппарат. А. ж. с. болуучу космостук аппарат алдын ала Жердин спутник орбитасына чыгарылып, андан Айга багыттап учурулат. Ай борборунан 66 000 *км* аралыкта космостук аппарат Айдын тартуу аракетинин сферасына кирет. Ал А. ж. с. болуу үчүн Айдын тар-



К. Айдарбеков.



Т. Айдаров.

туу күчү жетишсиз. Ошондуктан борттук кыймылдаткычтар тормоздук импульс берет да, космостук аппарат Айдын спутник орбитасына өтөт. Бул орбитанын формасы, фокусу Ай борборунан өткөн эллипске окшош келип, анын Ай борборунан эң алыс чекити *апоселений*, эң жакыны — *периселений* деп аталат. Биринчи А. ж. с.—сов. «Луна-10» автомат станциясы 1966-ж. 31-мартта учурулган. Анын орбитасынын Айдын экваторуна жантайышы 71°54′, апоселений 1017 *км*, периселений 350 *км* болгон. Ал информация берүү мезгилинде Айды 460 жолу айланган. А. ж. с-нин орбитасына Айга жумшак конууга ж-а Жерге кайтып келүүгө арналган космостук аппараттар да чыгарылат. Андай орбиталар *күтүү* орбита деп аталат да, «Луна-16» — «Луна-21» ж-а «Аполлон-11», «Аполлон-12», «Аполлон-14» кемелерин учурууда пайдаланылган. А. ж. с-нин илимий-тех. жабдуусу Айды ж-а космос мейкиндигин ар тараптан изилдөө максатында ылайык түрдүүчө болот, к. *Ай, «Аполлон», Жердин жасалма спутниги, «Луна»*.

АЙДЫН ТУТУЛУШУ — Жердин көлөкөсүндө калган кездеги Айдын көрүнүшү. Ай толук бойдон же жарымжартылай Жердин көлөкөсүнө капталып калганда тутулат. Күндүн нуру Жердин атмосферасында сынгандыктан, тутулуунун чоң фазасында Ай кызыл күрөң түстө болуп көрүнөт. Айдын толук тутулуу фазасы 1 *с* 40 *мин* га созулат, анткени Жердин көлөкөсү Айдын диаметринен чоң. А. т. жыл сайын болуп турат, к. *Тутулуу*.

АЙДЫН ФАЗАЛАРЫ — Айдын бетинин бизге көрүнгөн бөлүгүнүн түрдүү формалары. Ай өзүнүн орбитасы б-ча айланып баратканда, анын бизге көрүнгөн бети Күн нурунун тийишине жараша өзгөрөт, ошондон улам А. ф. алмашылып турат. *Ай жаңырганда*, Күн м-н Жердин ортосунда болгондуктан, анын жарык түшпөгөн бети бизге көрүнөт (к. сүрөт). Эгер Ай жаңырганда, ал Жер м-н Күндү туташтыруучу түз сызыкта жатса, *Күндүн тутулушу* байкалат. Андан кийинки күндөрдө Ай Күндөн чыгышты карай жылат да, адегенде ичке орок кейиптенип, 7-күнү жарым тегерек түрүндө көрүнөт. Мында жарым тегеректин томпок жагы оң тарапта болот. Айдын бул фазасы 1-



Айдын фазаларынын алмашуулары.

чейрек деп аталат. Ай жаңыргандан 14—15 күн өткөндө, Ай Жерге карата Күнгө карама-каршы тарапта болуп, жарык түшкөн бети бизге карап турат. Бул учурда Ай толук тегерек формасын алып көрүнөт да, **толгон ай** деп аталат. Эгер бул учурда Жер Ай м-н Күндү туташтыруучу түз сызыкта жатса, *Айдын тутулушу* байкалат. Ай толгондон кийин, 7-күнү **акыркы чейрек** башталып, Айдын жарымы гана көрүнөт да, томпок жагы сол тарапта болот. Ай жаңыргандан орто эсеп м-н 29,5306 сутка өткөндө, Ай кайра жаңырат, к. *Календарь*.

АЙКАЛЫШТЫРЫЛГАН СИСТЕМА (**курулуш механикасында**) — жүк көтөрүүдө ар биринин өзүнчө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар системалардын айкалышынан түзүлгөн курулуш системалары. А. с-га кары м-н ферманын, *арка* м-н ферманын, *асма конструкция* м-н карынын, кары м-н арканын айкалышынан түзүлгөн конструкциялар кирет (к. сүрөт). А. с-нын кээ бир конструкциялык бөлүктөрүнө ийүүчү күчтөр таасир кылса, башкалары чоюучу же кысуучу күчтөргө дуушар болот. Ошондуктан бул эки конструкцияны бириктирүүчү м-н эбин таап айкалыштырганда, жеңил, арзан ж-а чоң аралыкты жабууга ылайыктуу конструкция түзүлөт. А. с-нын кысуучу ж-а ийүүчү күч келтирүүчү элементтери темир-бетондон, ал эми чоюлуучу элементтери


Айкалыштырылган системалардын түрлөрү: *а, б* — устундуу асма системалар. *в* — шарнирдүү асма арка, *г* — фермалуу ийилме арка.

өрүлгөн болот зым аркандан жасалат.

АЙКАЛЫШТЫРЫЛГАН ЭЛЕКТР ӨЛЧӨГҮЧ ПРИБОР — электр тизмектеринин негизги параметрлерин өлчөй турган бир нече прибордун ордуна колдонулуучу ж-а алып жүрүүгө ылайыктуу чакан өлчөгүч прибор. А. э. ө. п-го амперволь тметр, амперволь ваттметр кирет ж-а алардын жардамы м-н электр тизмегиндеги ток, чыңалуу, каршылык, сыйымдуулук өлчөнөт. Мындай приборлордун негизги артыкчылыгы: алардын жардамы м-н туруктуу токтун да, жыштыгы кеңири диапазондо өзгөрүлүүчү өзгөрүлмө токтун да тизмектеринин параметрлерин өлчөөгө мүмкүн. Сү-



рөттө көрсөтүлгөн амперволь тметр м-н туруктуу ж-а өзгөрүлмө токтун 600 *в* ко чейинки чыңалуусун, туруктуу токтун 1 *а* ге чейинки күчүн ж-а 3 *Мом* го чейинки каршылыгы өлчөнөт. Азыр тех. мүнөздөмөлөрү (өлчөөлөрдүн диапазондору, өлчөө чектеринин саны, тактык классы, кириш каршылыгы ж. б.) жогору ж-а бири бирине айырмалуу көп сандаган айкалыштырылган приборлор (М 4351, Ф 432/1, Ц 4311÷Ц 4325 ж. б.) чыгарылып жатат.

АЙ-КӨЛ — Ош обл-нын Лейлек р-нунун аймагында жайгашкан тоо көлү. Уз. (түштүктөн түндүктү карай) 2,2 *км*, туурасы 0,4 *км*, аянты 0,8 *км*². Деңиз деңг. 2938 *м* бийиктикте. А.-К. тор тибиндеги көлгө кирет. Суусу кар, муз ж-а мөңгүдөн алат. Көл Ак-Суу өзөнүнүн буулуп калышынан пайда болгон. Бөгөттүн уз. 1,5 *км*. Тоо этектери көлгө тик түшөт. Көлдөн Ак-Суу агып чыгат.

АЙКЫН ЭМЕС ФУНКЦИЯ — көз каранды чондугу көз каранды эмесине карата кандайча өзгөрөрү айкын көрсөтүлбөгөн функция. Эгерде $F(x, y)=0$ теңдемесиндеги x тин берилген мааниси м-н $F[x, f(x)]=0$ шартын канааттандыра турган $y=f(x)$ функциясы бар болсо, анда кийинкиси $F(x, y)=0$ аркылуу айкын эмес функция деп аталат. А. э. ф. бир маанилүү жө көп маанилүү болот. Мис., $\frac{x^2}{a^2}+\frac{y^2}{b^2}-1=0$ теңдемеси кош маанилүү $y=\pm\frac{b}{a}\sqrt{a^2-x^2}$ функцияны берет. А. э. ф. бир маанилүү болушу, б. а., белгилүү бир x үчүн $F(x, y)=0$ теңдемесинин жалгыз гана $y=f(x)$ чыгарылышка ээ болушу өзгөчө маанилүү, аны төмөнкүдөй теорема камсыз кылат: эгерде $F(x_0, y_0)=0$ болуп, дифференциалануучу $F(x, y)$ функциясы $M_0(x_0, y_0)$ чекитинин аймагында F'_x, F'_y үзгүлтүксүз туундуларга ээ болуп ж-а $F_y(x_0, y_0)\neq 0$ болсо, анда x_0 чекитинин жетиштүү кичине аймагында $F(x, y)=0$ теңдемесин канааттандыруучу ж-а $x=x_0$ болгондо, $y=y_0=f(x_0)$ го айлануучу бир маанилүү жалгыз гана $y=f(x)$ үзгүлтүксүз функция бар болуп, ал $y'=\frac{F'_x(x, y)}{F'_y(x, y)}$ үзгүлтүксүз туундуга ээ болот.

Ад.: Фихтенгольц Г. М., Курс дифференциального и интегрального исчисления, т. 1, М., 1953; Кудрявцев Л. Д., Математический анализ, т. 2, М., 1970.

АЙКЫНДООЧ — сүйлөмдүн бат мүчөлөрүнө жө аларга тиешелүү башка сөздөргө багыпыцкы байланыш аркылуу тутумдашып, аларды аныктап, толуктап, бышыктап турган сүйлөм мүчөсү. А. аткарган милдетине карай *аныктооч, толуктооч, бышыктооч* болуп үчкө бөлүнөт.

АЙЛАМПА, ирим — дарыянын же деңиздин үстүнкү бетиндеги айрым жерлерде суунун имерилип, оргуп айланып агып калышы. А. дарыяларда эки агымдын кошулушунан, дарыя нугунун кээ бир жерлери кескин оюлуп кеңейгенден, жээктеги чоң-чоң уручуктарды суунун айланып өтүшүнөн пайда болот. Деңизде болсо суунун ташкындашы м-н тартылышынан ж-а карама-каршы агымдын кошулушунан келип чыгат. А-нын өлчөмү (диаметри) бир нече *см* ден бир канча *км* ге чейин (океандарда) созулат.

АЙЛАНА — тегиздикте O борборунан бирдей алыстыкта жаткан чекиттердин **көптүгү**. А-нын борборун аныи каалаган чекити м-н туташтыруучу түз сызык **радиус** деп аталат (r же R). А-нын узундугунун ($l=2\pi R$) диаметрине ($2R$) болгон катышы ар кандай А-лар үчүн турактуу (π). Ал трансценденттик сан болгондуктан, чексиз ондук бөлчөк м-н туюнтулат: $\pi=3{,}14159...$ Тегиздиктин А. м-н чектелген бөлүгү **тегерек** деп аталат. аянты $s=\pi R^2$.

АЙЛАНМА ВЕДОМОСТУ—бухг. эсепте счёттордогу жазуулардын толуктугун ж-а тууралыгын текшерүү үчүн түзүлгөн жыйынтыктоо ведомость. Текшерүүнү жеңилдетүү үчүн А. в-тунун ордуна сальдо (калдык) ведомость да түзүлөт. А. в-нун жыйынтыктары синтет. счёттордун айланышына ж-а калдыктарына туура келиши керек.

АЙЛАНМА КАПИТАЛ — наркы жаңы өндүрүлгөн товарга бүт бойдон киргизилип, капиталдын ар бир айланышынын натыйжасында акчалай ка-

лыбына келтирилип, капиталисттин карамагына кайтарылып турган өндүрүч капиталдын бир бөлүгү. А. к-дын наркына сырьё, чала фабрикат, отун, көшүмча материал, электр энергиясынын наркы ж-а жумушчу күчүн сатып алууга сарпталган каражат кирет. Өндүрүш процессинде сырьё м-н чала фабрикаттан жаңы продуктулар жасалып, алар башка керектөө наркына өтөт. Мис., өндүрүштө пахта — жипке, жип кездемеге айланат. Көшүмча материалдар, электр энергиясы өндүрүштө продукт өндүрүүгө жардам берип, натуралай формалары жоюлат да, наркы бүт бойдон өндүрүлгөн продуктуга киргизилет. Жумушчу күчү айланма капиталдын жогорку түрлөрүнөн айырмаланып, жаңы наркты, аның ичинен көшүмча наркты пайда кылат. Өзгөрмө капитал бурж. өндүрүштө өз наркын гана түзбөйт, ал жумушчуларды эксплуатациялоо аркылуу пайда претинде капиталисттердин чөнтөгүнө түшүү көшүмча наркты да өндүрөт. Өзгөрмө капиталдын тез айланышы көшүмча нарктын массасын ж-а жылдык нормасын көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

АЙЛАНМА КАРАЖАТ НОРМАТИВИ—айланма каражаттардын финанс. планда белгиленген суммасы. Ал ишкананын өндүрүш запасы, бүтө элек өндүрүшү, даяр буюм запасы, келерки жылдын чыгымы жагынан анын керектөөсүн камсыз кылат. А. к. н. ишкананын үзгүлтүксүз иштешине жараша болот, азыр жаңы чарбалык реформанын шартында нормативди ишкана өзү түзөт. Мамл. ишканалар м-н мекемелердин нормативи негизинен аларга бөлүнүп берилүүчү каражаттардын эсебинен толукталып турат. Анын айрым бөлүгү — финанс. пландагы өлчөмдө ишканалардын карыздарынын калдыгы м-н, ө. ж. ж-а соода ишканаларыныкы мамл. кредит м-н жабылат. А. к. н. айланма каражаттын ар бир түрү б-ча өз алдынча пландагы расчётто көрсөтүлөт. Ал аркылуу өндүрүштө пайдаланылган сырьёнун, материалдын, отундун ж. б. каражаттардын саны, баасы ж-а алардын айлануу ылдамдыгы аныкталат. Ошондуктан ишканада ашык запас кармоо, складда даяр товар топтоо, өндүрүштүк циклди чоюу пайдасыз, анткени бул бюджетке төлөөнү көбөйтүп, накта киреше-ни төмөндөтүп, кызыктыруу фондуларынын түзүлүшүнө терс таасир тийгизет.

АЙЛАНМА КАРАЖАТТАР — соц. ишканалардын айланма өндүрүштүк ж-а жүгүртүү фондуларынын акчалай жыйындысы. Булардын бир бөлүгү өндүрүш процессинде, экинчиси жүгүртүү чөйрөсүндө пайдаланылат. СССРдин ө. ж-да айланма өндүрүштүк фондуларга орто эсеп м-н жалпы айланма каражаттардын 70—75% туура келип, жүгүртүү фондулары болсо 25—30% түзөт. Түзүү булагы б-ча А. к. менчик ж-а карызга болуп экиге бөлүнөт. А. к. тынымсыз айланып турат. Алар дайым өндүрүш стадиясынан айлануу чөйрөсүнө өтүп, бул жолду улам кайталайт да, чарбанын бир калыпта иштешин камсыз кылат. А. к-ды рационалдуу колдонуунун маанилүү шарты — үнөм режими ж-а чарба эсеби.

АЙЛАНМА КАРАЖАТТАРДЫН ЖҮГҮРТҮЛҮШҮ — айланма каражаттарды пайдалануу эффективдүүлүгүн мүнөздөөчү экон. көрсөткүч; ишканалардын айланма каражаттарынын кайталанма өндүрүш процессинин бир стадиясынан башка стадиясына өтүп турушу. Бул өндүрүш ишканаларынын ишинин бирден-бир маанилүү сапат көрсөткүчү болот да, А. к. ж. өлчөмү м-н өндүрүштүн көлөмүнүн ж-а анын созулгандыгынын ортосундагы өз ара байланышын мүнөздөйт. Ал айлануу ылдамдыгын көрсөтөт.

АЙЛАНМА КЫЙМЫЛ., к. *Кыймыл*.

АЙЛАНМА ТРИКОТАЖ МАШИНАСЫ — сокмо (трикотаж) буюмдарын туюк согуучу машина. Ал илмек түзүп, согуу принцибинде иштейт. А. т. м. бир ж-а эки кабаттуу болуп айырмаланып, илмектүү же жалпак ийнелүү болот. Машинанын ийне салгыч кутусунда илмек түзүүчү ийнелер (64 ко чейин) тикесинен орнотулган. Илмек түзүүчү система ийнелүү кутунун айланасында жайгаштырылган. Ал кутунун айланышына жараша ийнелер кезектешип, илмек түзүүчү системага жакындайт. Ийнелүү куту бир айланганда, илмек түзүүчү система бир илмек катарын токуйт. Ал куту кийинки жолу айланганда, жаңы илмектерди пайда кылып, ал илмектер мурда түзүлгөн илмектердин ичинен алып өткөрүлөт. Андан кийинки процесстер тартуучу механизм м-н аткарылат. Азыр сокмо буюмдарды иштеп чыгаруучу өндүрүштө МТ ж-а МС маркалуу А. т. м кеңири колдонулууда.

АЙЛАНМА ФОНДУЛАР — соц. ишкананын өндүрүштүк фондусунун бир бөлүгү. Ал натуралай түрүндө өндүрүш процессинде бир жолу гана катышып, өзүнүн натуралай буюм касиетин өзгөртөт (мис., кен — металлга, пахта — жипке, металл тетикке ж. б. айланат, отун күйүп, электр кубаты сарпталат), анын наркы жаңы буюмга өтөт. А. ф-дын басымдуу бөлүгүн эмгек продуктысы (сырьё, материал, отун, электр кубаты ж. б.) түзөт. А. ф-га мындан башка кыска мөөнөткө колдонулуучу эмгек каражаттары кирет. А. ф. өндүрүштүк мазмуну б-ча экиге бөлүнөт: 1) өндүрүш запастары (сырьё ж-а негизги материал, ремонтко керектелүүчү тетиктер, сатып алынган чала фабрикат), көмөкчү материал (отун, тара ж-а тара материалдары, атайын кийим, арзан баалуу ж-а тез эскирүүчү буюмдар); 2) бүтө элек продукция ж-а ишкананын өзүнүн чала фабрикатына, жаңы продукция алууга багытталган сарптоолор. Булардын салыштырма салмагы эл чарбасынын ар кайсы тармагында түрдүүчө болот. А. ф-дын структурасы бир эле тармактагы ишканаларда бирдей эмес. Андай болушуна ишкананын адистештирилиши, кооперацияланышы, өндүрүштүн уюштурулушу, геогр. жайгаштырылышы, жабдылыш шарты ж. б. таасир тийгизет. Өндүрүш оскон сайын А. ф-дын натуралай буюм каражатты талап кылышы өсө баштайт. Бирок, илимге негизделген нормаларды белгилеп, өндүрүштүк процессти интенсификациялап, өндүрүштүк циклди кыскартуу, прогрессивдүү жаңы технологияны колдонуу, өндүрүштү ж-а эмгекти уюштырууну жакшыртуу м-н продукциянын бирдигине А. ф-ды керектөөнү азайтууга болот.

АЙЛАНМА КЫЙМЫЛЫ. 1. октун айланасындагы айлануу кыймылы — кандайдыр *А* ж-а *В* эки чекити ар дайым кыймылсыз болгон катуу нерсенин айлануу кыймылы (к. сүрөт). *А* ж-а *В* чекиттери аркылуу өткөн түз сызык айлануу огу деп аталат. А. к-дагы нерсенин бардык чекиттери айлануу огуна перпендикуляр тегиздиктерде жаткан ж-а борбору айлануу огунда болгон айланаларды чиет. А. к-дагы нерсенин абалы, айлануу огу аркылуу өткөн кыймылсыз тегиздик м-н кый-





Ш. Айманов.



С. Айни.

мылдуу жарым тегиздиктин ортосундагы φ бурчу м-н аныкталат. А. к-дагы нерсенин негизги кинематикалык мүнөздөөчүсү — *бурчтук ылдамдык* ω ж-а *бурчтук ылдамдануу* ε. Нерсенин айлануу октон h аралыкта турган ар кандай чекити үчүн сызыктуу ылдамдык $V=h\omega$, жаныма ылдамдануу $W_\tau=h\varepsilon$, нормалдык ылдамдануу $W_n=h\omega^2$ болот. А. к-дагы нерсенин негизги динамикалык мүнөздөөчүлөрү кинетикалык момент $K_z=I_z\omega$ ж-а кинетикалык энергия $T=\frac{1}{2}I_z\omega^2$; I_z — нерсенин айлануу огуна карата инерция моменти. 2. Чекиттин айланасындагы айлануу кыймылы (же сфералык кыймыл) — катуу нерсенин кандайдыр бир O чекити кыймылсыз болуп, башка чекиттери борбору O чекитинде болгон сфералык бет б-ча жылган кыймылы. Нерсе мындай А. к-да болгондо, анын ар кандай жөнөкөй жылышы O чекити аркылуу өтүүчү кандайдыр бир октун айланасында бурулуу болуп эсептелет. Буга гироскоптун кыймылы мисал болот.

АЙЛАНУУ МОМЕНТИ — айлануучу нерсенин бурчтук ылдамдыгын өзгөртүүчү сырткы күчтүн чени. Айлануу огуна карата айлануучу нерсеге аракеттенүүчү бардык күч моменттеринин алгебр. суммасы А. мом-не барабар (к. *Күч моменти*). А. мом. нерсенин бурчтук ылдамдануусу ε м-н төмөнкүчө туюнтулат: $M_{айл}=I\varepsilon$; I — нерсенин айлануу огуна карата *инерция* моменти.

АЙЛАНУУ ОГУ, к. *Айлануу кыймылы.*

АЙЛАНУУ САЛЫГЫ — материал өндүрүү тармагынан алынып, коомдук-мамл. керектөөгө жумшоо үчүн мамл. бюджетте топтолуучу кирешенин бир бөлүгү (борбордоштурулган таза киреше). А. с. мамл., о. эле кооперативдик ишканалар м-н мекемелер өндүргөн товарларды сатуудан түшкөн дүң кирешеден алынат. А. с-нын негизги бөлүгү жеңил ж-а тамак ө. ж. тармактарынан түшөт. Аны ишканалар м-н мекемелер өзүлөрү өндүргөн товарларды керектөөчүлөргө ж-а соода мекемелерине түздөн-түз саткан учурда төлөйт. Товарлар башка мекемелер аркылуу соодаланса, А. с-н ошолор төлөйт. Пландоонун жаңы жолуна ж-а өз ара чарбалык эсептешүүгө өткөн ишканалар А. с-нын ордуна негизги фондудан салык төлөшөт. А. с-нын көлөмү эки түрдүү эсептелип чыгарылат: 1) соода скидкасы (үстөгү) чыгарылып ташталган чекене баа м-н ишкананын дүң баасынын айырмасынан проценттен чегерүү; 2) соода скидкасы (үстөгү) чыгарылгандан кийинки чекене баадан проценттен чегерүү. А. с-нын көлөмүн белгилөөнүн 1-формасы товарлардын негизги группаларына (кездеме, бут кийим ж. б.), 2-формасы (процент ставкасы түрүндө) көбүнчө жерг. ө. ж. өндүргөн ж-а татаал ассортименттүү товарларга колдонулат.

АЙЛАНУУЧУ ОТООЧ — топурактын үстүнкү катмарын жумшартуу үчүн колдонулуучу а. ч. шайманы. Кант кызылчасын, пахта, жашылча ж-а башка отолуучу өсүмдүктөрдү жумшартуу үчүн пайдаланылат. А. о-тун тиштүү дискалары топуракка 9 *см* тереңдикке чейин кирет да, аны жумшартып, отоо чөптөрдү кыркып кетет.

АЙЛАНУУЧУ САХНА, к. *Сахна.*

АЙМАНБЕТОВ Миңбай (1930-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Ак-Жар кыш.) советтик эмбриолог, мед. илимдеринин доктору (1971), профессор (1972). 1963-ж-дан КПССтин мүчөсү. 1954-ж. КММИни бүтүрүп, аспирантурада калтырылат. Андан кийин КММИнин биол. кафедрасында ассистент (1957—66), ст. илимий кызматкер (1966—68); доцент (1968—72) болуп иштейт. А. негизинен органдар м-н ткандардын регенерация ж-а трансплантация проблемаларын изилдейт. А-дун 30дан ашуун илимий эмгеги жарыяланган.

Чыг.: Травма нервов, Фр., 1974; Адам канча жашай алат, Фр., 1974.

АЙМАНОВ Шакен Кенжетай уулу (1914—1970) — казак совет актёру, режиссёр, СССР эл артисти (1959). 1940-ж-дан КПССтин мүчөсү. 1933-ж-дан Казак драма театрынын (Алматы) труппасында иштеген. Аткарган ролдору: Акан сере (Мүсрепов, «Акан сере жана Актолы»), Исатай (Ахиджанов, «Исатай менен Махамбет»), Кобыланды (Ауэзов, «Кобыланды»), Кодар (Мүсрепов, «Козу Көрпөш — Баян Сулу»), Петруччио (Шекспир, «Азоого чалма»), Тихон (Островский, «Добул») ж. б. А. театр ж-а кино режиссёр катары да белгилүү. 1947—51-ж-да казак театрынын башкы режиссёру болгон. 1940-ж-дан кино актёру катары иштеп, «Жамбыл» аттуу фильмде Жамбылдын ролун аткарып, «Биздин сүйкүмдүү доктор» (1958), «Алдар көсөө» (1965), «Тууган жер» (1967), «Атамандын акыры» (1970) ж. б. фильмдерди койгон. А. Каз. ССР Жогорку Советинин 4—7-шайланышынын депутаты. СССР Мамл. сыйлыгынын (1952), Каз. ССР Мамл. сыйлыгынын (1968) лауреаты. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

Ад.: Сиранов К., Шакен Айманов — актёр и режиссёр кино, А.-А., 1970.

АЙМУРЗАЕВ Жолмураа Мурзаевич (1910-ж. т.) — каракалпак жазуучусу, Кара калпак АССРинин эл акыны (1971), Өзб. ССРинин иск-восунда эмг. сиң. ишмер. 1946-ж-дан КПССтин мүчөсү. Москвадагы Горький атн. адабият ин-тунун алдындагы жогорку адабий курсту бүткөн. Туңгуч ырлар жыйнагы («Ырлар») 1935-ж. жарык көргөн. А.— «Аму-Дарыя боюнда» романынын, «Күрөш» (1934—35), «Биз күрөштө жеңгенбиз» (1938) деген поэмалардын, «Бердах» (1938) «Айгүл-Абат» пьесаларынын, «Жетимдин жүрөгү» аттуу повесттин автору. А. үч орден м-н сыйланган.

АЙМУХАМЕДОВА Гүльсим (Мария) Бурановна (1919-ж. т., Троицк ш., Челябинск обл.) — советтик химик, техникалык илимдеринин доктору (1965), профессор (1967), Кыргыз ССРнин эмг. сиң. ойлоп табуучусу (1975). 1946-ж-дан КПССтин мүчөсү. Москвадагы М. В. Ломоносов атн. ун-тти бүтүрүп (1941), ошол жылдан баштап республиканын илимий мекемелеринде эмгектенет. СССР ИАнын Кыргызстандагы филиалынын химия ин-тунда (1943), Кырг. ССР ИАнын химия ин-тунда (1954), андан кийин (1960) органикалык химия ин-тунда өсүмдүк заттарынын химиясы лабораториясына жетекчи. 1971-ж-дан бери Кырг. ССР ИАнын органикалык химия ин-тунун директорунун орун басары. А-нын 125 ке жакын илимий иштери, 7 монографиясы ж-а 20 автордук күбөлүгү бар. А-нын кант заводдордо иштетилген продукциялардын калдыктарынан алынган глутамин к-тасы м-н бетаинден малдын ж-а канаттуулардын продуктуулугун жогорулатуучу препарат даярдоо б-ча сунушу өндүрүшкө киргизилүүдө. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Химический контроль процессов получения глутаминовой кислоты, бетаина и их производных ионообменным методом, М., 1963; Пектиновые вещества и методы их определения, Фр., 1964; Пирролидонкарбоновая кислота, Фр., 1974; Химическая модификация пектиновых веществ, Фр., 1974.

АЙНЕК — аморфтук, изотроптуу, морт ж-а тунук металл эмес бирикмелердин көлкүлдөк эритиндисин өтө муздатуудан алынган материал. А-тин физ.-хим. касиеттери анын хим. составына, кайнатуу ж-а формага келтирүү шартына, андан кийинки жылуулук, хим., мех. иштетилишине жараша болот. А-ти кайнатуу, формага келтирүү ж-а сугаруу шарттарын аныктоочу негизги касиети — анын илээшкектиги ж-а беттик тартылышы. Эритиндинин илээшкектиги 10^{13} пуазга жеткенде, А. катуулана баштайт. Катуулана баштагандагы темп-ра А. пайда болуу темп-расы деп аталат. А. табигый ж-а жасалма болуп бөлүнөт. Материал катары А. кеңири колдонулат. А. жасап чыгаруунун технологиясы сырьё материалдарды даярдоо, аларды аралаштырып бир тектүү кошулманы камдоо, кайнатуу, формага келтирүү ж-а жайыраак муздатып сугаруудан турат; кээде калыптан чыгарылган А-ти хим., мех. ж-а жылуулук м-н иштетүү талап кылынат. А-ти даярдоодо керектелүүчү сырьё материалдары негизги ж-а кошумча материалдарга бөлүнөт. Негизги материалдарга таза кварц куму, сода, шакар, натрий сульфаты, акак таш, доломит, бор ж-а фосфор к-талары, коалин, талаа шпаты, жошо, цинк кычкылы кирет. Кошумча материалдар катары боёгуч ж-а жалтыратуучу заттар, кычкылданткычтар, өң бергичтер пайдаланылат. А-ти формага келтирүү үчүн пресстөө, үйлөтүү, пресстөө-үйлөтүү, чоюу, прокаттоо ыкмалары колдонулат. Айнек массасы А. иштеп чыгаруу өндүрүшүнүн негизги агрегаттары — А. кайнатуучу мештерде алынат. Булар мезгилдүү ж-а үзгүлтүксүз иштөөчү мештер болуп бөлүнөт. Мезгилдүү иштөөчү мештер жалын м-н иштеп, оптикалык, тех., түстүү ж-а хрусталь А-терин даярдоодо пайдаланылат. 1600°Сден жогорку темп-раны берүүчү электр мештери кварц А-ти эритүүдө колдонулат. Үзгүлтүксүз иштөөчү мештерде такта А. жасала турган масса кайнатылат.

Ад.: Степаненко И. Г., Пути совершенствования ванных стекловаренных печей, М., 1960.

АЙНЕК БЛОКТОРУ — бири бирине ширетилген жарым эки блоктон пресстелип жасалган көңдөй айнек буюмдар. А. б. формасы б-ча чарчы, тик бурчтуу, жарык техникалык сапаттары б-ча жарыкты таратуучу, жарыкты багыттоочу, тунук ж-а күн нурунан сактоочу, кооздук сапаттары б-ча түстүү ж-а түссүз, конструкциясы б-ча бир же эки камералуу блокторго бөлүнөт. Түстүү блоктор айнек массасын боёо же жарым блоктордун экөөнүн ортосуна түстүү пластинкаларды коюу м-н даярдалат. А. б. турак үйлөрдө, коомдук ж-а ө. ж. имараттарында жарык өткөрүүчү сырткы ж-а ички тосмо конструкциялар катарында колдонулат. Блоктор цемент эритмеси м-н бириктирилет.

АЙНЕК БУЛА МАТЕРИАЛДАРЫ — каршы-терши жарыш салынган айнек буласын чайыр м-н желимдеп иштеп чыгарылган курулуш материалдары. Булар айнек пластикасы ж-а айнек кебези түрүндө чыгарылат. Айнек пластикасы диаметри 15—20 *мк* болгон айнек буласынан жасалат. Була полиэфир, кремний орг. чайыр м-н чапталыштырылганда, жеңил, бекем, сууга ж-а узакка чыдамдуу материал алынат. Айнек пластикасынын айнек текстолити ж-а СВАМ деген түрлөрү бар. Бул материалдардан катмардуу дубал панелдери, жабуу плиталары, бөлмөлөрдүн тосмо конструкциялары чыгарылат. Айнек кебези — диаметри 10—30 *мк* буладан турган жылуулук өткөрбөөчү материал. Ал имараттардын тосмо конструкцияларын жылуулоо, түтүктөрдү ороо үчүн ж-а акустикалык материал катары колдонулат.

АЙНЕК БУЛАСЫ — эриген айнектен ар түрдүү жолдор м-н даярдалган жасалма була. Өндүрүштө колдонулушуна жараша анын диаметри 3—30 *мк* болот. А. б. текстиль ж-а жылуулук өткөрбөөчү була болуп бөлүнөт. Азыр була алуунун технол. үч түрү — эритилген айнек массасын чоюп-созуу, айнек массасын борбордон четтөөчү күчтүн жардамы м-н агымдарга ажыратуу, үйлөө методдору колдонулат. А. б-нан даярдалган материалдар 250°С ысыктыкка чейин өзгөрбөстөн жакшы чыдайт. Була хим. составына жараша 500—700°С де гана жумшара баштайт. А. б. жылуулукту эң аз өткөргөндүктөн, айнек кебези жылуулукту сыртка өткөрбөөчү материал катары пайдаланылат. А. б-нан даярдалган материалдар бышык болот.

АЙНЕК ИШТЕРИ — имараттардын терезе, каалгаларын айнектөө. Курулушта терезе айнеги, арматуралуу, саймалуу, түстүү, чыңалган айнектер ж-а *айнек блоктору* колдонулат. А. и. айнекти керектүү өлчөмдө кесип алуудан, аны терезеге, каалгага ж. б. жарык кирүүчү тешиктердин алкактарына орнотуудан, бекитүүдөн ж-а тазалоодон турат. Кадимки айнектердин калыңд. 2, 3, 4, 5 ж-а 6 *мм* болот. Мында айнектен башка негизги материал катары олифте даярдалган бор замазкасы, минералдык майларда жасалган битум замазкасы ж-а темир же коргошун сурингинде жасалган белило замазкасы пайдаланылат.

АЙНЕК ӨНӨР ЖАЙЫ — өнөр жай тармактарынын бири. Ал Россияда 19-к-да бир кыйла өнүгөт, 1-дүйнөлүк согуштун алдында 259 айнек з-ду болуп, аларда 62 миңден ашык жумушчу иштеген. СССР айнек продукциясын чыгаруу б-ча Улуу Ата Мек. согуштун алдында дүйнөдө 2-орунду ээледи. 1940-ж. өлкө б-ча терезе айнеги 127 млн. *м*² өндүрүлсө, 1972-ж. анын саны 1416 млн. *м*² ге жеткен. Азыр СССРде айнектин бардык түрү чыгарылат. Кыргызстанда Фрунзе, Токмокто айнек з-ддору бар. А. ө. ж. соц. өлкөлөрдөн: Чехословакия, ГДР, Польша, Румынияда жакшы жолго коюлган. Капит. мамл-терден; АКШ, Япония, ГФР ж-а Франция алдыңкы орунда.

АЙНЕКТИК КУМ — айнек чыгарууга пайдалануучу кварцтуу кум. А. к-дун таза сортторунда кремнийдин кош кычкылы SiO_2 99,5—99,9% ке жетет. А. к-да кремнийден башка алюминий, кальций, магний, калий ж-а натрийдин кычкылдары да болот. Эгер А. к-да темир м-н хромдун кычкылдары ж-а орг. заттардын кошундулары болсо, тунук айнектерди жасоого зыяны тийгизет. Айнек чыгарууда кварцтуу кумдун 0,2—0,5 *мм* өлчөмдөгү бүртүкчөлөрү 85—90% болушу зарыл. Кыргызстанда А. к-дун ири кендери Сөгөтү ж-а Сулуктүдө бар.

АЙНИ (жашырын аты; өз аты Садриддин Саид-Муродзода; 1878, Сактар кыш., Гиждуванга жакын — 1954, Дүйшөмбү) — тажик совет адабиятынын негиз салуучусу, илимпоз, коомдук ишмер. Таж. ССР ИАнын биринчи президенти (1951). Таж. ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1940). Өзб. ССР ИАнын ардактуу академиги. Тажик, өзбек тилдеринде жазган. А. тажик совет адабиятынын негиз салуучусу ж-а өзбек совет адабиятын баштоочулардын бири («Эркиндик маршы», 1918, «Октябрь даңкы», 1918). Бухарадагы медиреседе окуган. 1905—07-ж-дагы рев-ядан кийин жадидизмдин солчул тобуна кошулган. Анын «Инимдин өлүмүнө» (1918) элегиясы эмирди кулатууга чакырган. 1919—21-ж. «Революция жалыны» («Шуълаи инхилоб») журналында иштеген. Анын макалалары тажик публицистикасына негиз салган. А. жадидизмден бөлүнүп чыгып, 1920-ж. Бухарадагы элдик рев-яга катышкан. А-нин «Одина» повести (1924), «Дохунда» (1930), «Кулдар» (1934) романдарында тажик элинин жүз жыл ичиндеги турмушу, басып өткөн жолу сүрөттөлгөн. Ал «Сүткордун өлүмү» (1939, 1952) повестинде кыйрап бара жаткан эски түзүлүштү ач көз, сараңдын образы аркылуу көрсөткөн. А. Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) мезгилинде курч публицистикалык макалалар м-н тарыхый-көркөм очерктерди («Муканнанын көтөрүлүшү») жазды. 1948-ж-дан өмүрүнүн акырына чейин «Бухара» (1949—54; СССР Мамл. сыйлыгынын лауреаты, 1950) аттуу автобиогр. чыгармасын бүтүрдү. А. Азия элдеринин тарыхы ж-а филологиясы б-ча изилдөөлөрдүн: «Мангыт династиясынын эмирлеринин тарыхы» (1923), «Тажик адабиятынын үлгүлөрү» (1—3 бас., 1926) антологиясынын, Рудаки, Фирдоуси, Ибн Сина, Саади, Навои, Васифи, Бедил ж. б. ж-дө очерктердин ж-а монографиялардын автору. А-нин чыгармалары СССР элдеринин (ононун ичинде кыргыз тилине да) ж-а дүйнө тилдерине которулган. Анын реалисттик салттары жаш каламгерлерге жагымдуу таасирин тийгизип келе жатат. А. СССР Жогорку Советинин 3—4 шайланышынын депутаты, үч жолу Ленин ордени, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—4, М., 1960—61; Бухара, Фр., 1958.

Ад.: Брагинский И. С., Жизнь и творчество С. Айни, М., 1958.

АЙОВА — АКШнын штаты. Миссисипи ж-а Миссури д-ларынын ортосунда. Аянты 145,4 миң *км*². Калкы 2789,9 (1970). Админ. борбору — Де-Мойн ш. Жери түзөң ж-а кара топурактуу келет. Климаты жылуу, мелүүн континенттик (январдын орточо темп-расы 5—7°С ге чейин, июлда 22—24°С). Жаан-чачындын жылдык саны 700—1000 *мм*. Мал чарбачылыгы товардык а. ч. продукциясынын



Н. Айтаков.



Б. Айтбаев.

80%ин берет. Жүгөрүдөн түшүм алууда өлкөдө 1-орунда турат. Сулу, буудай, соя, картошка эгилет. А. ч. продукцияларын кайра иштетүү ишканалары, а. ч. машиналарын куруу ж-а цемент з-ддору бар. Т. ж-нун уз. 13750 *км*.

АЙ-ПЕТРИ — Крым тоолорундагы чоку, Алупка р-нунда. Бийикт. 1233 *м*. Негизинен аки таш тектеринен турат.

АЙРАН — сүттү уютуп жасаган тамак. Бышырган жылуу сүттү уютуш үчүн ага уютку (айран), камыр туруш ж. б. кошуп (салып), идиштин бетин жаап, жылуулап ороп, жарым күн (6—8 *с*) коюшат. А.— байыртадан мал күткөн элдердин жакшы көргөн тамагы. Андан сүзмө, сүзмөдөн курут, пышма жасалат. А. сорпого кошулса — ак серке ж-а ала доң деп, суюга кошулса — чалап деп, талкан же таруу кошулуп уютулса, аш айран деп аталат.

АЙРЫ — айыл чарба шайманы. А. м-н чөп, саман, кык ж. у. с. ташылат, үйүлөт, жүктөлөт. А. жыгачтан ж-а темирден жасалат. Мурда көбүнчө жыгач айры колдонулса, азыр темир айры урунулат. Темир А. жыгачка санталат, бир нече илик (эки илик, үч илик, беш илик) болот. Мурда сенек айры да бар эле.

АЙРЫ КУЙРУК (milvus korschun Gm) — жырткыч куштар түркүмүнө кирүүчү канаттуу. Түсү күрөң, баш жүнү агыш. Куйругунда жол-жол темгилдери бар. Ургаачысы бир аз чоңураак. А. к. жер шарында кеңири таралган. СССРде 8 түрчөсү, аның ичинен Кыргызстанда 1 түрү (Сибирь А. к-гу) бар, ал токойлуу ж-а тоолуу р-ндордо кезигет. А. к.— келгин куш, жазында учуп келе баштайт. Дарактарга, зоокалардын бооруна уя салат, 1—2 жумуртка туун, басып чыгарат. Ал кескелдириктерди, кемирүүчүлөрдү, курт-кумурскаңы жейт, ошонусу м-н а. ч-на пайда кылат.

АЙРЫ ӨРКӨЧ ТОО — тоо тукумунун бир түрү. А. ө. т-нү брандаун (бактриан) деп да коюшат. Сов. Союзунда калмак, казак ж-а монгол А. ө. т-лөрү бар. Эң ириси калмак тоосу, аның салм. 500—600 *кг*. А. ө. т. О. Азияда, Казакстанда, ж-а Калмак АССРинде өстүрүлөт. Чөлдүү жерде жүк ташуу, чууда, сүт, эт алуу үчүн асыралат. Ал тикенектүү, катуу өсүмдүктөрдү жеп, көпкө (20—25 суткага) суу ичпей чыдайт. Өркөчүнө 100—150 *кг* га чейин май алып, аны тоют жокто керектейт. Ал 30—35 жыл жашайт, ингени 13—14 ай көтөрүп, эки жылда бир туулт. Бир жылда 700—900 *кг* га чейин сүт берет да, андан кымыз ачытылат.

АЙРЫМ ДИФФЕРЕНЦИАЛ — $z=f(x, y)$ функциясынын көз каранды эмес x өзгөрмөнүн Δx өсүндүсүнө пропорциялаш болгон $f(x+\Delta x, y)-f(x, y)$ өсүндүсүнүн башкы бөлүгү. А. д. x б-ча — $d_x z$, y б-ча $d_y z$ деп белгиленет. Эгерде $z=f(x, y)$ функциясы р (x, y) чекитинде x б-ча А. д-га ээ болсо, анда бул функциянын ошол эле чекиттеги айрым туундусу $\partial z/\partial x$ да бар болот ж-а тескерисинче: $d_x z = d\frac{\partial z}{\partial x}\cdot\partial x$ болот. Бул эреже функциянын y б-ча А. д. үчүн да туура. Ушундай эле жол м-н көп өзгөрмөлүү $u=f(x, y, z, ..., t)$ функциясынын кандайдыр бир аргументи б-ча А. д-ын аныктоо мүмкүн.

АЙРЫМ ИНТЕГРАЛ — эгер n тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдеме $F(x, y, y', ..., y^{(n)})=0$ (1) берилсе, анын жалпы чыгарылышы айкын эмес түрдө $\Phi(x, y, c_1, ..., c_n)=0$ (2) жазылат. Туракгуу $c_1, c_2, ..., c_n$ — чоңдуктарына айрым маанилерди берсек, анда (2) жалпы интегралдан алынган жыйынтыктагы (1) теңдеменин каалаттандырып, анын А. и-ы (чыгарылышы) деп аталат.

АЙРЫМ ТУУНДУ — дифференциалдык эсептөөлөрдө аргументтин бири өзгергөндө, көп аргументтүү функциянын өзгөрүү ылдамдыгын мүнөздөөчү негизги түшүнүк. Мис., $u=f(x, y, z, ...)$ функциясынын x аргументи б-ча алынган А. т-су деп, x тен башка аргументтеринин бардыгы туракгуу маанide калат деп эсептеп, x б-ча алынган кадимки туунду айтылат. Ар башка аргументтери б-ча алынган жогорку тартиптеги А. т-лар аралаш туундулар деп аталат.

АЙРЫМ ЧЫГАРЫЛЫШ, к. *Айрым интеграл*.

АЙРЫМ ЭЛЕМЕНТТЕРДИН ГЕОХИМИЯСЫ, к. *Геохимия*.

АЙРЫ-ТАМ — Ош обл-ның Ала-Бука р-нундагы Биринчи Май сельсоветине караштуу кыштак, «Биринчи Май» к-зунун борбору. Райондун борбору Ала-Букадан 38 *км* түш. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 55 *км* аралыкта. Калкы 5250 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана бар.

АЙСБЕРГ (англ. iceberg, голл. ijsberg — муз тоо) — океан м-н деңиздерде калкып жүргөн жө алардын тайыз жеринде токтоп калган муз тоо. Ал материк муздарынын четтеринин жарылып бөлүнүшүнөн пайда болот. Көлөмүнүн 83—90% суу астында; суу үстүндөгү бөлүгүнүн орточо бийикт. Арктикада 70 *м*, Антарктидада 100 *м*. Уз. ж-а туурасы бир нече *км* ге жетет (к. сүрөт). Ири А-дер Антарктика, Канаданын Арктикалык-түн. а-дарында ж-а Гренландияда көп пайда болот. А. деңиз катнашуусу үчүн опурталдуу.



АЙТ — мусулмандардын диний майрамы. 1) Орозо айт. Орозо аяктагандан кийин өткөрүлөт; 2) курман айт. Орозо айттан 70 күн өткөндөн кийин белгиленет. Курман айтта кудайга сыйынуу катары курмандык чалынат. А. ислам дининен илгери байыркы Аравияда чыккан. Ислам дини А-ты диний үгүттүн ж-а баюунун куралына айландырган. А. күндөрүндө динге ишенгендер мечитке барып, намазга жыгылышат, кудайга сыйынышып, «күнөөсүнөн арылуу» үчүн битир, зекет, садага ж. б. беришкен. Мусулмандардын арасында А-ты молдолор өз максатына пайдаланышып, мечитке келгендерден ж-а үй-үйдөн акча, мал, буюм чогултуп алышкан. А. күндөрү диний кызматкерлер элди ислам динине ишенүүгө чакырып, диний үгүт-насаттарды күчөтөт. Бирок биздин өлкөдө элдин аң-сезиминин, билиминин, маданий деңгээлинин өсүшүнө байланыштуу А-ка катышуучулардын саны жылдан жылга кескин түрдө азаюуда.

АЙТАКОВ Надирбай (1894—1938)— советтик мамлекеттик ишмер. 1922-ждан КПССтин мүчөсү. Мангышлак ж. а-да балыкчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1920-ж-дан айыл советтин председатели, волосттук ревкомдун мүчөсү. 1921—22-ж. уездик аткомдун мүчөсү ж-а председатели. СССР Советтеринин 1-съездинин (1922) делегаты, Бүткүл росс. БАКтын ж-а СССР БАКтын мүчөсү. 1923-ж-дан Түркстан БАКтын председателинин орун басары, 1924-ж-дан аның председатели. 1924-ж-дан Түркм. ССРинин ревкомунун председатели. 1925-ж-дан Түркм. ССР БАКтын председатели ж-а СССР БАКтын председателинин орун басары болуп иштеген.

АЙ-ТАЛАА, Наливкин — Какшаал кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгү. Уз. 11 *км*, туурасы 300—1000 *м* ге чейин, аянты 15 *км*². Мөңгү Чоң-Үзөнгү-Куун суусунун жогорку агымы Ай-Талаанын башында. Анда эки чоң өрөөн мөңгүсү бар: негизгиси көктуунун таманында, экинчиси Ай-



«Чабандар». кендир, май боёк (К., М.), 1961.



«Керме тоо». К., М. 1969.

Айтиев Г. макаласына.



«Жымжырттык». К., М. 1974.

«Кыргызстандын түштүгүндө». К., М. 1966—67.



Айтиев Г. макаласына.

Лениндик ж-а Мамлекеттик сыйл-дын лауреаты, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Чыңгыз Айтматов.



Ч. Айтматовдун дүйнө элдеринин тилдеринде чыккан китептеринен.



Айтматов Ч. макаласына.







1, Ю. Омуркулов, «Болочок шаткери», 2, А. Н. Лилаев, «Рыбачья партия», 3, Р. Б. Нуралы, «Штамповщица цеха»; Акварель макаласына.

Талаанын оң жагындагы тектирден ары кеткен тайпакта. Моңгүнү 1929-ж. Н. Н. Пальгов изилдеп, ага атактуу геолог Д. В. Наливкиндин наамын койгон. Моңгүнүн этеги деңиз деңг. 3860 *м* бийиктикте. Андан Ай-Талаа суусу (Чоң-Үзөңгү-Кууштун башы) башталат.

АЙТБАЕВ Баалыбек (1926-ж. т.) — Соц. Эмг. Баатыры (1973). Ал эмгек жолун 1942-ж. катардагы колхозчудан баштаган. 1957-ж-дан бери Киров р-ындагы Бейшеке к-зунун старший чабаны. А. 1971-ж. 100 тубар койдон 160тан козу, ар бир койдон 5,4 *кг* жүн; 1972-ж. 161ден козу, ар койдон 5,2 *кг* жүн; 1973-ж. 163төн козу, 5,3 *кг* жүн алууга жетишкен. А. СССР Жогорку Советинин (9-шайланышы) ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин (7—8-шайланышы) депутаты. Ал 2 Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЙТИЕВ Гапар (15. 9. 1912-ж. т., Ош обл., Төлөйкөн кыш.) — кыргыздын тунгуч сүрөтчүсү, кыргыз улуттук профессионал сүрөт өнөрүнүн негиздөөчүлөрдүн бири. СССР эл сүрөтчүсү (1971), СССР Көркөм академиянын мүчө-корр. (1973), коомдук ишмер. 1939-ж-дан КПССтин мүчөсү. Фрунзедеги Агартуу ин-тунун (кийинки борбордук педтехникум) тарых-коомчулук бөлүмүн бүтүргөн (1932). Сүрөтчүлүк өнөрү б-ча атайын билимди Москвадагы «1905-жылдын эстелиги» сүрөт окуу жайында Н. П. Крымов м-н П. Петровичевден алган.

Ал 1934-ж. Фрунзеде ачылган 1-республикалык сүрөт көргөзмөсүнө «Атанын портрети» (1932), «Колхоз катчысы Имангазы», «Түштүк кызы» (1934) деген портреттери м-н үйрөнчүк сүрөтчү катары катышкан. 30-жылдардын экинчи жарымында жараткан «Колхозчулардын дем алышы», «Физкультурниктер», «Байдагы батрак» сыяктуу жанрдык полотнолорунда сүрөтчү турмуштун маанилүү жактарын чагылдырууга умтулат. Жаш сүрөтчү сүрөтчүлүк жөндөмүн портрет жанрында да сынап, С. Акылбековдун (1937), акын А. Осмоновдун (1938) портреттерин тартты. Ал эми «Колдогу кайык» (1939), «Боз үйлөр» (1940) аттуу чыгармалары анын келечекте кыргыз пейзажынын чоң чебери болорун көрсөттү.

«Фронттон кат» (1943), «Пахта терүү» (1944), «Колхоз короосу» (1946) аттуу сүрөттөрү А-дин олуттуу ийгилиги болуп, изденүүсүндөгү негизги багытын аныктады. А. бардык жанрлар б-ча ийгиликтүү иштеп келатса да, анын негизги жанры — пейзаж. «Кайыктар» (1947), «Жумгал өрөөнүндө» (1949), «Сазда» (1954), «Жалтылдаган көл» (1960) аттуу сүрөттөрү — чыгармадан чыгармага өскөндүгүнүн күбөсү. Чыгармаларындагы образдар жөнөкөй көрүнүштөрдүн сүрөтү катары тартылган м-н, алардын негизинде терең ой, өзгөчө бир ички байланыш, логикалык биримдик, күчтүү көркөмдүк жатат. Мис., «Жайлоодогу чак түш» (1949), «Тоодогу кеч» (1958), «Кыштак четинде» (1956) деген чыгармалары, атактуу «Ысык-Көлдөгү чак түш» картинасы бирин бири толуктап турат.

60-ж-дары А. өзгөчө зор ийгиликтерге жетишти. Бул мезгилде ал «Чабандар» (1960—61) аттуу картинасы, «Ысык-Көл — кыргыз деңизи» (бул чыгармалары үчүн Кырг. ССР Токтогул атн. Мамл. сыйлыктын лауреаты болгон, 1967), «Тоодогу чөп чабуу» (1961) деген пейзаждарды жаратты. 60-ж-дардын экинчи жарымында жараткан «Кыргыз жергеси» аттуу пейзаждар сериясы А-дин чыгармачылык өсүшүндөгү жаңы баскычты аныктады. Жанрдык картина м-н пейзаждын чоң чебери А-дин кистисинен жаралган «Тоо мейкини» (1964), «Чүй өрөөнүндөгү күз» (1965), «Анжиянды айланасы», «Түштүктөгү кеч» (1967), «Калкагар зоо» (1969), «Кызыл тоолор», «Кумуштөй өрөөн», «Талаадагы тандыр» (1972), «Көңүл», «Тоодогу күүгүм» (1973), «Ойлонуу», «Кечки тынчтык» (1974) аттуу чыгармалары сүрөт өнөрүнүн жогорку үлгүлөрүнөн болуп калды.

А.— чебер портретчи. Анын жогорку чеберчилик м-н тарткан М. Баетовдун (1949), Ч. Иманкуловдун (1962), элдик уз А. Бекбоеванын живопистик портреттери, сүрөтчү Ж. Кожакметов м-н бирге жараткан «Акындар» (1957) аттуу группалык портрети, «Жылкычы», «Токтогул» (1958), «Саякбай» (1965) ж-а акын А. Токомбаевдин (1972) скульптуралык портреттери жалпы көрүүчүлөргө белгилүү. А-дин монументтик иск-водо да айтаарлык салымы бар: 1951—1954-ж-дары кыргыз опера ж-а балет театрынын имаратын жасалгалоого көркөм жетекчи, көрүү залынын плафонундагы росписти ж-а театрдагы орнаменттик композициялардын автору. Нарын шаарындагы революционер Жукеев-Пудовкинге (1971), Фрунзедеги кыргыздын улуу демократ акыны Токтогул Сатылгановго коюлган (1974) эстеликтердин (арх. А. Исаев) автору.

А. узак жылдар бою Кыргызстан сүрөтчүлөр союзуна жетекчилик кылып (1940—68), кыргыз сүрөтчүлөрүнө ж-а жалпы респ-калык сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнө зор таасир тийгизди. А-дин чыгармалары 1934-ж-дан бери республикалык, 1944-ж-дан жалпы союздук, 1958-ж-дан бери эл аралык сүрөт көргөзмөлөрүнө коюлуп келе жатат. 1970-ж. Москвада, 1973-ж. Фрунзеде анын чыгармаларынын өзүнчө көргөзмөсү чоң ийгилик м-н өткөн. А-дин эң мыкты чыгармаларынын көпчүлүгү Кыргызстан мамл. сүрөт музейинин, Третьяков галлереясынын, Күн чыгыш маданиятынын музейинин, Алматыдагы Шевченко атн. сүрөт галлереясынын, Львов ш-дагы сүрөт музейлеринин менчигине айланды. А. Кырг. ССР Жогорку Советинин Президиумунун мүчөсү (1967), Кырг. ССР Жогорку Советинин 2—9-шайланышынын такай депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Председателинин орун басары (8—9-шайланышы). 1969-ж-дан Кыргыз ССР Токтогул атн. Мамл. сыйлыгы комитетинин председатели. Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ж-а «Ардак Белгиси» ордендери, бир нече медалдар м-н сыйланган.



Г. Айтиев.



А. Айткулова.

Ад.: Асанбеков С., Сүрөтчү, Фр., 1962; Черкасова Н. В., Гапар Айтиевич Айтиев, М., 1961; Народный художник Киргизской ССР Гапар Айтиев. Каталог выставки, М., 1970; Прохоров Н., Певец Иссык-Куля, «Правда», 1956, 28 декабря; Путь художника, «Голос Риги», 1969, 29 сентября; Попова О., Мастер пейзажа, «Советская Киргизия», 1968, 2 февраля; Попова О., Народный художник, «Советская Киргизия», 1972, 22 окт.; Ванслов В., Высокие образцы, «Советская культура», 1974, 13 сент.

АЙТКУЛОВА Айнек (1919-ж. т.) — Фрунзедеги Октябрдын 40 жылдыгы атн. фабрикасынын мастери (1943), Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. Эмгек жолун 1937-ж. Фрунзедеги ВЛКСМ атн. ф-када тигүүчү болуп иштөөдөн баштаган. Анын агрегаты жети жылдык планды 1965-ж. октябрда аткарып, пландан тышкары 100 миң сомдук продукция чыгарган. Ал жетекчилик кылган агрегаттын коллективине биринчилердин катарында «Коммунисттик эмгектин агрегаты» наамы ыйгарылып, өзүнө болсо «Коммунисттик эмгектин ударниги» деген наамы берилген. А. Кырг. ССР Жогорку Советинин 2—3-шайланышынын депутаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЙТМА КҮҮЛӨР — чыгарманын маанунун айтып, мааниси чечмелеп берүү үчүн ыр, обон, куюлушкан жорго сөз, кыраат, ишаарат ж-а тууроо (имитация) сыяктуу каражаттарды колдонуу м-н аткарылган күүлөр. Кыргыз күүлөрүнүн басымдуу көпчүлүгү адегенде ушундай синкреттик формада жашаган. Адепки таржымал тексттен, обондуу ырдан ажыран калгандары бара-бара кара күү катары калыптанган. А. к-дө болсо ошол алгачкы форма сакталып калган. Комузда ж-а кыякта көп аткарылган А. к. программалуу болгон. А. к-дүн ичине кыргыздагы жомоктук-дастан күүлөрдүн, тамсил күүлөрдүн ж-а





Т. Айтматов. Ч. Айтматов.

куш добуш күүлөрдүн көбү кирет. А. к. комузчулар м-н кыякчылардын гана эмес, акындардын репертуарынан да кезиккен. Өзгөчө Ниязаалы, Токтогул, Айдараалы, Атай, Эркесары сыяктуу ири комузчулардын репертуарында ж-а чыгармаларында мыңдай күүлөр орун ээлеген.

АЙТМАМБЕТОВ Дүйшө (1921-ж. т., Тоң р-ну, Күн-Чыгыш кыш.) — советтик тарыхчы, тарых илимдеринин доктору (1971). 1946-ж-дан КПССтин мүчөсү. 1951—53-ж. Кыргызстан КП БКнын аппаратында жооптуу кызматта иштеген. 1953—55-ж. респ. «Мугалимдер газетасынын» редактору, 1955—71-ж. Кырг. ССР ИАнын кенже, ст. илимий кызматкери. 1971-ж. бери Кырг. пл. из. пед. ин-тта сектор башчысы. А-дун негизги эмгектери Кыргызстандын рев-яга чейинки маданиятынын өнүгүү проблемаларын изилдөөгө арналган.

Чыг.: Дореволюционные школы Киргизии, Фр., 1961; Школьное дело в Туркестанском крае, Фр., 1963; Развитие культуры киргизского народа во второй половине 19 и начале 20 вв., Фр., 1967.

АЙТМАТОВ Төрөкул (1903—1937) — Кыргызстандын көрүнүктүү партиялык ж-а мамлекеттик ишмери. Олуя-Ата уездинин (азыркы Кырг. ССРнин Киров р-ну) Күркүрөө болушуна караштуу Шекер кыштагында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1925-ж-дан КПССтин мүчөсү. 1917-ж. орус-тузем мектебин бүтүргөн. 1920—21-ж. болуштук ревкомдун, Грозный кыштагындагы кедейлер уюмунун секретары болгон. 1921—24-ж. Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик ун-тинде (КУТВ) окуган. 1924—26-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун агитация ж-а пропаганда бөлүмүнүн башчысынын орун басары ж-а башчысы. 1926—29-ж. ВКП(б)нин Каракол—Нарын округдук комитетинин, Жалал-Абад кантондук комитетинин секретары, 1929—31-ж. Кыргыз АССРнин б. ж. соода эл комиссары ж-а эл чарбасынын борб. советинин председатели, 1931—33-ж. ВКП(б) Араван—Буура райкомунун биринчи секретары, 1934—35-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун экинчи секретары болуп иштеген. 1935—37-ж-да Москвадагы Кызыл профессура ин-тунда окуган.

АЙТМАТОВ Чыңгыз (12. 12. 1928-ж. т., Киров р-ну, Шекер кыш.) — атактуу кыргыз совет жазуучусу, коомдук ишмер, Кырг. ССР ИАнын анык мүчөсү (1974). Кыргыз эл жазуучусу (1968). 1959-ж-дан КПССтин мүчөсү. Кыргызча ж-а орусча жазат. Кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Согуш жылдарында өз айлы Шекерде сельсоветтин секретары, райфинбөлүмүнүн агенти, трактор бригадасынын эсепчиси болуп иштейт. Жамбыл ш-дагы зоовет. техникумду (1946), Фрунзедеги К. Скрябин атн. а. ч. ин-тун (1953) бүтүргөн. 1953—56-ж. Кыргыз мал чарба ж-а вет. ил. из. ин-тунун эксперименттик фермасында зоотехник болуп кызмат аткарат. 1956—1958-ж. Москвадагы Жогорку адабий курстун угуучусу, 1959—60-ж. «Литературный Киргизстан» журналынын редактору, 1960—65-ж. «Правда» газетасынын өз кабарчысы, 1965-ж-дан бери Кыргызстан кинематографисттер союзунун башкармасынын председатели. А. чыгармачылык ишин а. ч. ин-тунда окуп жүргөндө баштайт. Алгачкы аңгемелери 1952-ж. орус тилинде «Комсомолец Киргизии» газетасына ж-а «Киргизстан» альманахына жарыяланат. Ал ошол кездө эле В. Катаевдин «Полктун уулу» повестин, М. Бубеновдун «Ак кайың» романын которот, бирок алар басылган эмес. Андан кийин «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» аттуу кыргызча жазылган аңгемелери жарыяланат. А-дун чыгармачылык ишиндеги бурулуш 50-жылдардын ортосунда болот. Бул жылдары ал «Бетме-бет» (1958) ж-а «Обон» («Джамиля», 1959) повесттерин кыргызча ж-а орусча жарыкка чыгарат. Адам мүнөзүн, психологиясын ачууда «Бетме-бет» повести кыргыз прозасына жаңылык катары кирди. «Обон» («Джамиля») повести идеялык-эстет. проблематикасы ж-а ага шайма-шай келген көркөмдүк сапаты м-н кыргыз совет адабиятындагы нукура жаңычыл чыгарма болуп, бат эле көп элдердин тилдерине которулду. «Жамийла» өнүп-өсүп калган кыргыз прозасынын жаңы сапатка жетишин, өркүнү өскөн адабияттардын деңгээлине көтөрүлгөнүн дүйнөгө маалым кылды. Ошондон бери А. жаңы чыгармаларында сейрек кездешүүчү талантынын улам жаңы кырларын ачып келе жатат. «Кызыл жоолук кырчын талым» («Тополек мой в красной косынке», 1961), «Бото көз булак» («Верблюжий глаз», 1961), «Биринчи мугалим» (1962), «Саманчы жолу» (1963) деген повесттеринде жазуучунун правалык, филос. изденүүлөрү андан ары тереңдеп, чеберчилиги бийиктен бийикке көтөрүлдү. Аларды айрыкча «Биринчи мугалим» повестинен ачык көрүүгө болот. Повесть өткөндөгү окуяларды сүрөттөсө да, азыркы мезгил м-н үндөш проблеманы козгойт. Башкы каарман Дүйшөн өктөмдүгү, айныбас принциптүүлүгү, өз идеалы үчүн курман болууга кайылдыгы м-н совет адабиятындагы Левинсон, Павел Корчагин, Макар Нагульновдордун образдарына бара-бар турат. А-дун «Саманчы жолу» повести Улуу Ата Мек. согуш жылдарындагы кыргыз элинин тылдагы кыйын, күжүрмөн, баатырдык эмгегин даана сүрөттөйт. Чыгарманын баш каарманы Толгонайдын элеси аркылуу жазуучу согуштун оор сыноолорун майышпай көтөргөн карапайым кыргыз аялынын типтүү образын түзгөн. Бул трагедиялуу боёктор м-н жазылган зор оптимисттик күчкө ээ болгон Толгонайдын образына күчтүү драмалык чыйралыш, терең психологизм, эпикалык кеңири масштабдуулук мүнөздүү. «Жаныбарым, Гүлсарым!» («Прощай, Гульсары») повестинин жарык көрүшү («Новый мир», 1966, № 3) көп улуттуу совет адабиятына зор идеялык-эстет. табылга катары кирип, кыргыз прозасы соц. реализм жолунда дагы алдыга илгерилегенин далилдеди. Чыгарманын сюжетин кураган окуялар кыргыз айлынын турмушу м-н чектелсе да, анда жалпы совет коомуна орток маселелер көтөрүлгөн. Ак ниеттүүлүк м-н кара санатайлыктын ортосундагы «түбөлүк» конфликт повестте жаңыча, партиялык принципте чечилген. Танабай м-н Гүлсарынын образдары өтмө катар айкалышып, өзүнчө бир жалпыланган образды түзөт. А-дун «Аппак кеме» («Белый пароход») аттуу повести («Новый мир», 1970, № 1) жазуучунун чыгармачылыгында бөтөнчө мааниге ээ. Бул чыгармада адам тагдырынын не бир катаал жактарын изилдөөдөгү жазуучунун кыраакылыгы интеллектуалдуулугу, ийкемдүүлүгү көрүндү. Повесттин гуманисттик пафосу баштан-аяк адамдын бийик сапаты ж-а правалык тазалыгын даңазалайт. Повесттеги «балык» болуп сууга агып кеткен Баланын образы пакизалыгы, куулук-шумдугу жоктугу, ак пейилдүүлүгү м-н айырмаланып, адамды ар кандай бузукулукка, арамдыкка, зомбулукка каршы активдүү күрөшүүгө чакырат. Повесттин мазмунунан, эгер адам ар кандай кара күчтөрдүн зомбулугуна туруштук бере албай, пассивдүү жолго түшсө, анда ал өзүнүн ыйык идеясына да кол көтөрүүгө чейин барат деген филос. ж-а правалык тыянак чыгат. «Аппак кеме» — түзүлүшү татаал, кабат-кабат мазмундуу, көп проблемалуу чыгарма. Анын филос. ж-а психол. татаалдыгы анда реалдуу турмуш ж-а мифология жанаша жашап, жуурулушуп, өтмө катар байланышып тургандыгы м-н шартталган. Повесттин көркөмдүк күчүн өтө жогору баалоо м-н, андагы коюлган идеялык-эстет. проблемалар ж-де адабий чөйрөдө талаш-тартыш али күнгө улантылып келе жатат. А. кыска аңгемелер (мис. «Атадан калган туяк»), очерктер, публицистикалык ж-а адабий сын макалаларды жазганга уста. Анын очерктери м-н аңгемелери да көркөм чыгармаларындай олуттуулугу м-н жазылыш, актуалдуулугу ж-а проблемалуулугу м-н айырмаланат. Ал казак драматургу К. Мухамеджанов м-н бирге «Фудзиямага чыгуу» («Восхождение на Фудзияму») деген пьеса жазып, драматург катары да көрүнө баштады. А. чыгармалары м-н кыргыз адабиятын жаңы ийгиликтерге жеткирип, жалпы союздук адабий процесске таасир тийгизүү м-н совет адабиятынын дүйнөлүк кадыр-баркын арттырууга кошумча кошту. Анын ар бир чыгармасы жарыяланар замат эле адабий чөйрөдө ж-а окурмандар арасында зор кызыгуу туудурат; тез эле башка элдердин тилдерине которулуп, кайра-кайра басылып чыгат. А-дун чыгармалары театр м-н кино иск-восунун өсүшүнө да зор таасирин тийгизүүдө. Анын «Бетме-бет», «Кызыл жоолук кырчын талым», «Биринчи мугалим», «Саманчы жолу» сыяктуу белгилүү чыгармалары инсценировкаланып, өлкөбүздөгү театрлардын басымдуу көпчүлүгүндө коюлуп жатат. Повесттеринин баары ж-а аңгемелеринин жоон тобу кыргыз кино өнөрүн көп жерге тааныткан көркөм фильмдердин (10дон ашык фильм), айрым опералык ж-а балеттик чыгармалардын жаралышына негиз болду. А-дун чыгармалары дүйн. 80ден ашуун тилге которулган. А.— белгилүү коомдук ишмер. Респ-калык, союздук, дүйнөлүк, коомдук-саясий ж-а чыгармачылык уюмдардын мүчөсү, КСЭнин Башкы редакторунун орун басарларынын бири. А. «Повести гор и степей» китеби үчүн Лениндик сыйлыктын (1963), «Прощай, Гульсары!» повести үчүн СССРдин Мамл. сыйлыгынын лауреаты болгон (1968). А. СССР Жогорку Советинин 7—8—9-шайланышынын депутаты. А. Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Обон. Фр., 1959; Саманчынын жолу, Фр., 1963; Биринчи мугалим, Фр., 1963; Лицом к лицу, Фр., 1958; Повести гор и степей, М., 1961; Прощай, Гульсары, М., 1967; Произведения, Фр., 1971.

Ад.: Ауэзов М., Жолуң куттуу болсун!, «Ленинчил жаш», 1958, 2-ноябрь; Бобулов К., Махабат баяны, «Советтик Кыргызстан», 1959, 22-февр.; Ашымбаев Б., Чыңгыз Айтматов, Фр., 1965; Гачев Г. Д., Любовь, человек, эпоха, М., 1965; Глинкин П. Е., Чингиз Айтматов, Л., 1968; Асаналиев К., Открытие человека современности, Фр., 1968; Лебедева Л. И., Повести Чингиза Айтматова, М., 1972; Коркин В., Человеку о человеке, Фр., 1974.

АЙТЫКЕ (т. ж-а ө. ж. белгисиз) — кыргыз эл ырчысы ж-а манасчы. 19-к-дын 1-жарымында Жумгалда жашаган. Чыгармаларынан Бекмурат (Балык ооз) м-н айтышынан үзүндү гана сакталган. Тоголок Молдонун айтканына караганда А. чоң манасчы болгон.

АЙТЫШ — ырчылардын, чечендердин өз чыгармачылык кудретин, чеберчилигин сынoo үчүн өз ара мелдеши; кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында өнүккөн жанр. Ал адат-салт А-ы ж-а акындар А-ы болуп эки чоң топко бөлүнөт. Ал экөө өз кезегинде мазмун ж-а форма жагынан бири биринен айырмаланган түрлөрдөн турат. Адат-салт А-на: бадик, кайым, сармерден, кыз-жигит айтышы ж. б., акындар А-на: алымсабак, табышмак, кордоо, учурашуу ж. б. кирет. Бирок бул түрлөр так жиктелбейт, кээде бирининин белгилери экинчисинде да кездеше берет. Тарыхта чечендердин А-ы да болгону белгилүү. Келип чыгышы ж-а өнүгүшү жагынан А. жанры байыркы үрп-адат, ырым-жырымдарга байланышып, элдик турмушту кенен чагылткан деңгээлге чейин жеткен. А. жанрынын алгачкы түрлөрү көркөм сөз өнөрүнүн адамдарга практикалык ж-а духовный кызмат кыла башташы м-н тең чыккан. Мис., бадик айтуу, «Бекбекей» ж. б. Бадикте адамдар кезек-кезек м-н туруктуу ыр саптарын айтып, оорууну денеден «кубалашса», «Бекбекейди» түнкүсүн короо кайтарганда алмак-салмак ырдашкан. Жаштардын ой-санаалары, кубаныч-эңсөөлөрү кайым, кыз-жигит, сармерден А-та кенен чагылган.

Уруучулук доордо акындар А-тары кеңири өнүккөн. Акындар өз өнөрү м-н көпчүлүктөн айырмаланып чыкканда, бийлөөчүлөр аларды той-тамашаларда, атайын жыйындарда уруу кызыкчылыгы үчүн пайдаланышкан. Уруулук мамилелердин курчушу м-н акындык А-та да учурдун маселелери курч коюла баштаган. Маселен, мурда эки уруунун акындары бири бирине жөнөкөй мазмундагы суроолорду берип айтышса, кийинчерээк өз уруусунун артыкчылыгын, баатырларын даңазалап, атаандаш уруунун кемчил жактарын ачып, кордошуп айтышышкан. Атаандашын жеңүү үчүн анын уруусун, башчыларын кордоп ырдаганда, кээде моралдык-этикалык нормага сыйбаган ыкмаларды да колдонуп, диний татаал түшүнүктөрдү чечмелешип да айтышышкан. А. өнөрүнө Токтогул идеялык-эстет. жаңы принциптерди кийирди. Ал А-тарда уруучулук кордошууга, бири бирин кемсинтүүгө каршы турду. Өз А-да учурашуу, калың элдин көңүлүн ачуу, ээзүүчү м-н эзилүүчүнүн ортосундагы күрөш мотивдерин кеңири чагылтты. Табышмак А-та акындар бири биринин турмуштук, филос. диний маалыматтарын сынап көрүшсө, алымсабак А-та негизинен жаш акындын талантын өстүрүүгө аракеттенишкен. Токтогул, Эшмамбет, Эсенаман, Барпы, Калык сыяктуу акындар А. өнөрүнүн ири чеберлери болгон. Сов. мезгилде А. өнөрүн Калык, Алымкул, Осмонкул баш болгон акындар өнүктүрдү. Азыр А. элдик турмушту кеңири чагылтып, кемчилигин сындаган публицистикалык салтанаттуу трибунага айланды. А-тын мазмуну совет адамдарынын бейпил турмушун, күжүрмөн эмгегин, тынчтыкты даңазалоо болуп калды. Форма жагынан А. салтанаттуу келип, майрамдарда театр сахналарында аткарылат, радио-телевидение, газета-журнал аркылуу тарайт. Юмор, күлкү, тамаша арбын колдонулуп, сөзсүз жеңишке жетишүү аракети жок, анын ордуна жыйынтык чыгарылып, айтышкандар бир бүтүмгө келишет. 1922-ж. Союз Кошчунун салтанаттуу жыйынында Калык м-н Осмонкулдун А-ы, 50-ж-дарда Алымкул м-н Осмонкулдун совхоздор ж-дөгү, Ысмайыл м-н Токтонаалынын тамашалуу, Эстебес м-н Токтосундун юбилейлик А-тары белгилүү. А-тын формасын профессионал акындар да колдонуп келишти. А. өнөрү акындык таланттын, төкмөлүктүн, акындык ойлоонун татаал табиятын изилдөөдө илимий-практикалык зор мааниге ээ. Анткени бул көрүнүштөр нукура белгилери м-н дал ушул А. процессинде ачык байкалат. А. казак элинде да кеңири өнүккөн. Көркөм сөз өнөрүндө мелдешүүнүн түрдүү формалары башка элдерде да байыркы замандардан тартып өнүгүп келген. Мис., байыркы гректерде, арабдарда, япониялыктарда индиялыктарда, тажиктерде, өзбектерде ж. б.

Ад.: Таштемиров Ж., Айтыштар. «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки» деген китепте, Фр., 1973; Айтыштар, Фр., 1972.

«АЙЧҮРӨК» — кыргыздын тұңгуч улуттук операсы. Операны В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере, либреттосун Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликовдор жазган. Бул эпикалык-лирикалык опера адегенде (1939) кыргыз муз. драма театрында коюлган. Башкы ролдорду 1-аткаргандар: С. Кийизбаева (Айчүрөк), Ж. Садыков (Семетей), А. Малдыбаев (Күл-

«Айчүрөк» операсы. Айчүрөк — СССР эл артисткасы С. Кийизбаева. 1939.





«Айчүрөк» операсынан көрүнүш. Семетей — СССР Эл артисти А. Мырзабаев. 1963.

чоро), М. Махмутова (Чачыкей), А. Куттубаева (Калыйман), А. Боталиев (Чыныкожо), К. Эшимбеков (Толтой). Режиссёрлору — А. Куттубаев, В. Васильев, хормейстери — П. Меркулов, балетмейстери — Н. Холфин, сүрөтчүсү — Я. Штоффер, дирижёру — В. Целиковский. «Манас» эпосунун «Семетей» бөлүмүнөн бир кылка окуяга негизделген бул операда кыргыз элинин басып алуучуларга каршы баатырдык күрөшү баяндалып, эли-жерин сүйүү, патриоттук сезимдер дацазаланат. Операнын авторлору элдик музыканын каймагын калтып, аны өнүккөн орус музыкасынын үлгүлөрүнө салып кыйыштырышып, элдик күү-обондорго жацы мазмун, жацы форма беришип, аны чыгармачылык м-н өркүндөтүшкөн. Улуттук мелоско ширелген операнын ар бир фрагментинен чыныгы полифонизм, профессионалдык чеберчилик туюлат. «А.» операсы кыргыз маданиятынын өсүш тарыхында зор мааниси бар этаптык чыгарма болгон. Анын жаралышы м-н улуттук опералык өнөр калыптанат. Элдин эпикалык *речитациясынан* улуттук опералык — речитация, элдик обондордон татаал *ариялар* жаралат. «А.» операсындагы табылгалар, тажрыйбалар эл музыкасынын үлгүлөрүн кеңири пайдалануу м-н профессионалдык жанрларга айкалыштыруу кыргыз совет музыкасынын андан ары өсүшүнө шарт түзгөн. Кыргыздын улуттук иск-восунун классикасына айланган «А.» операсы жаралган күндөн бери үзгүлтүксүз коюлуп, 1976-жылдын февралына чейин 600 жолу көргөзүлгөн.

АЙША-БИБИ — Каз. ССРинин Жамбыл ш-на жакын жердеги Головачев с-да 11—12-к-да курулган төбосу казанбак сымал күмбөз. Сырткы көрүнүшү 4 чарчы келип, бурчтары мунара сыяктуу тегерек ж-а бийик салынган. Күмбөз бышык кыштан курулуп, мандай жагы өтө сейрек учурай турган ар кандай айбанаттардын сүрөттөрү ж-а оймо-чиймеленген жазуулар м-н кооздолгон.

АЙЫКТЫРУУ ФИЗКУЛЬТУРАСЫ — оорулуу адамдын ден соолугун, эмгекке жарамдуулугун тезирээк калыбына келтирүү ж-а оорунун кабылдап кетишин болтурбоо үчүн дене тарбиясын пайдалануу методу. А. ф. коомдук эмгек шарттарында зарыл болгон адамдын дене булчуңдарын чыңоо максатын көздөйт. Мед. илим А. ф-ны жалпы ж-а функционалдык терапия методу катарында карайт. Оорулуу адамдын машыктырыгыч көнүгүүлөрдү чеңем м-н аткарышы А. ф-ның мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп саналат. А. ф. машыктыруу, жалпы ден соолукту жакшыртуу, бузулган функцияны калыбына келтирүү милдеттерин чечип алат. Оорулуунун дарылоодо А. ф-ның ар түрдүү формалары — гигиеналык ж-а дем алуу гимнастикасы, экскурсия, туризм ж-а сейилдикке чыгуулар колдонулат.

АЙЫЛ — түрк ж-а монгол (калмак) тобундагы айрым көчмөн калктардын коомдук бирикмесинин формасы. 18—19-к-да патриарх.-феод. коомдо жашаган көчмөн кыргыздардын коомдук уюмунун негизги формасы да А. болгон. Бир уруктун өкүлдөрү өзүнчө А. куруп, кыштоо-жайлоого чогуу көчүп-конуп, бир бири м-н экон. ж-а идеологиялык байланышта болгон. А-га кирген көчмөндөрдүн саны ар түрдүү, кээ бирде 200 үйгө чейин жеткен. Мындай чоң А-дарда кедейлер бай-манаптардын оор жумуштарын жасап, өлбөстүн күнүн өткөргөн. А-ды ак сакалдар башкарган, ал эми патриарх.-феод. мамилелер өөрчүгөндө, алардын милдетин көбүнчө манаптар аткарып калган. А-дар адатта көрүнүктүү бай-манаптардын ысмынан аталган. 19-к-дын аягында кыргыз элинин коомдук турмушуна капитализмдин элементтери кирип, ошондон улам А-га биригкен чарбалардын арасында да таптык жиктелүү күчөй баштайт. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыздардын көпчүлүгү көчмөн А. бойдон жашап келген. 20—30-ж-дарда коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н көчмөн А-дар бара-бара отурукташып, кыштактарга ж-а колхоздорго бириге башты. Азыр А. деген селолук админ.-терр-лык бирдикти билгизип калды. Кырг. ССРинде селолук советтер эмгекчилер депутаттарынын айылдык ж-а селолук советтери деп аталат.

АЙЫЛ АРАЛЫК ТЕЛЕФОН БАЙЛАНЫШЫ — райондун территориясындагы абоненттерди өз ара ж-а башка шаарлар м-н байланыштыруу. А. а. т. б. тармагына райондогу калк отурукташкан пункттардагы телефон станциялары, линиялары ж-а абоненттик курулуштар кирет. Телефон аппараттары телефон станциясына абоненттик телефон линиялары аркылуу кошулат. А. а. т. б. станциялары бири бири м-н бириктиргич линиялар аркылуу байланыштырылат. Алар аткарган милдеттери б-ча мындай болүнөт: борб. станция, түйүн станция

Айыктыруу физкультурасынын көнүгүүлөрү: жогорку катарда — пассивдүү көнүгүү; ортоңку катарда — снаряддар м-н активдүү көнүгүү; төмөнкү сүрөттө — гимнастикалык керегеде активдүү көнүгү



1-таблица

Айдоо аянтынын структурасы (миң *га* м-н)

	1913	1940	1950	1960	1974
Бардык айдоо аянты	639,7	1055,5	1060,7	1195,8	1288,3
Дан эгиндери	555,5	777,9	704,4	593,0	572,9
Анын ичинен: буудай жүгөрү	350,7 31,1	449,9 27,2	442,6 40,3	339,4 27,3	275,3 38,0
Тех. өсүмдүктөр	31,1	113,9	124,2	132,7	139,1
Анын ичинен: кант кызылчасы	—	15,5	20,1	34,8	47,0
пахта	21,6	64,0	65,2	71,2	
тамеки	—	4,0	5,7	6,1	14,6
Жашылча-бакча өсүмдүктөрү ж-а картошка	13,1	23,0	27,2	31,0	47,1
Тоют өсүмдүктөрү	40,0	140,7	204,9	439,1	529,2

2-таблица

Малдын саны (1-январда, миң баш м-н)

	1916	1941	1951	1961	1974
Уй	519,0	555,4	661,8	738,7	973,0
Анын ичинен: тубар уй	188,0	219,6	222,4	292,9	374,9
Кой, эчки	2544,0	2529,1	4514,4	6251,4	9889,5
Чочко	27,0	87,2	89,5	199,4	290,0
Жылкы	708,0	407,7	495,4	233,4	282,0

3-таблица

Мал чарба азык-түлүгүн өндүрүү

	1913	1940	1950	1960	1974
Эт (союлгандагы салмагы м-н), миң *т*	39	41	46	100	149,8
Сүт, миң *т*	91	210	213	401	608
Жумуртка, млн даана	19	47	58	163	346,5
Жүн, миң *т*	4,7	3,3	6,8	14,6	31,3

4-таблица

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы (миң *т*)

	1913	1940	1950	1960	1974
Дан эгиндери	435,8	588,5	434,5	648,1	1087,1
Кант кызылчасы (фабрикада)	—	628,4	586,9	1193,8	1798,7
Пахта	28,3	95,0	120,0	125,8	210,6
Тамеки	—	3,5	4,2	6,6	31,2
Жашылча	—	44,8	44,7	84,0	331,8
Картошка	18,8	105,3	135,4	113,4	323,6

сы, ортолук ж-а акыркы станция.

АЙЫЛ ЧАРБА — материалдык өндүрүштүн негизги тармактарынын бири. Бул тармак эл чарбасында көрүнүктүү орун ээлеп, калкты азык-түлүк, ө. ж-ды сырьё м-н камсыз кылып турат. Жер шарындагы калктын жарымынан көбүрөөгү а. ч-сында иштейт. А. ч-сында пайдаланылуучу аянт кургактыктын $^1/_4$ не барабар. А. ч. негизги эки ири тармакка — дыйканчылык ж-а мал чарба тармагына бөлүнөт. Кээде токой чарбасы да а. ч-сынын ири тармагы деп саналат. А. ч-сынын эки тармагы өз алдынча да майда тармактарга бөлүнөт. Мис., дыйканчылыкка төмөнкү тармактар кирет: дан, тех. ж-а тоют өсүмдүктөрүн, жашылча, бакча, жүзүм өстүрүү, багбанчылык ж. б. Мал чарбасы кой, уй, чочко, жылкы, бакма канаттууларды асыроо ж. б. тармактардан турат. Биздин өлкөнүн соц. а. ч-сынын өсүшү эл чарбасынын план чеңемдүү, пропорциялуу өнүгүү закону на баш нет. Өлкөнү индустриялаштыруу, коллективдештирүү, эл чарбасын пландуу жүргүзүү сыяктуу орчундуу чаралар А. ч-сын өнүктүрүүгө шарт түздү. Айрыкча КПСС БКнын 1965-ж. мартПленумунан кийин бир топ уюштуруу иштери жүргүзүлгөндүктөн, СССРдин а. ч-сынын материалдык тех. базасы чыңдалып, мурдагыга караганда ылдамыраак өнүгүп, экон. эффективдүүлүгү жогорулады. 1972-ж. СССРдин а. ч-сынын дүң продукциясынын көлөмү 1913-ж-дагыга салыштырганда 3 эсе көбөйдү. Сов. Кыргызстандын соц. а. ч-сы 222 колхозду, 146 совхозду (1974) кучагына алды. 1969-ж. республиканын а. ч-сында дүң продукция өндүрүү 1913-ж-дагыга салыштырганда 6 эсе көбөйүп, өлкөнүн а. ч-сынын өсүү темпине караганда 2 эсе ылдамыраак өнүккөн. Материалдык өндүрүштүн негизги каражаты — жер. Жер аянты б-ча СССР—дүйнөдөгүү эң ири өлкө. Анын а. ч-сына жарактуу жери 1972-ж. 547,8 млн. *га* га барабар болуп, анын ичинен 224,1 *га* айдоо аянтын түзгөн. Кыргызстанда а. ч. ишканалары м-н чарбаларынын жалпы жер аянты 15,3 млн. *га*, анын ичинен а. ч-сына жарактуу жер 9,8 млн *га* га барабар, андан 1303 миң *га* (13,3%) айдоо аянтын түзөт (1-табл.). 0,22 млн *га* (2,3%) чабынды, 8,1 млн *га* (82,9%) табигый жайыт катарында пайдаланылат. Мунун 41% ин — жайлоо, 32% ин — жаздоо, күздөө ж-а 27% кыштоо эсептейт, аларга Суусамыр, Соң-Көл, Арпа, Аксай, Кара-Кужур, Борб. Тянь-Шандын сыртгары, Алай, Чаткал өрөөндөрү кирет. Республиканын эң негизги байлыгынын бири — мал чарбасынын тоют базасын түзүүчү жайыттар. Тоюттун $^2/_3$ бөлүгү жайыт чөбүнө туура келет. Айдоо аянтынын 70% ке жакыны сугат жер, мындай жердин түшүмү кайракка салыштырганда 1,5—2 эсе жогору болот. Айдоонун $^2/_5$ бөлүгүн сугарууга Чоң-Чүй, Отуз-Адыр каналдары, Орто-Токой, Базар-Коргон, Найман суу сактагычтары мүмкүндүк берет; Токтогул, Төрт-Күл, Киров суу сактагычтарынын курулушу 479 миң *га* жерди суу м-н камсыз кылат. Азыр бардык тех. өсүмдүктөр (кант кызылчасы, пахта, тамеки ж. б.), дан эгиндери м-н тоют өсүмдүктөрүнүн 65—70% сугат жерге айдалат. Натыйжада а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмү улам жогорулоодо. Тогузунчу беш жылдыкта сугат жердеги дан эгиндеринин жылдык орто түшүмү гектарынан 7,7 *ц* ге көбөйүп, 1975-ж. 29,8 *ц* болду. Кырг. ССРи — өлкөдөгү ири мал чарба р-ндордун бири. Мал чарбасынын негизги тармагы — кой чарбасы. Кырг. ССРи кой, эчкинин саны жагынан союз б-ча РСФСР м-н Каз. ССРинен кийинки үчүнчү, уяц ж-а чала уяц жун алуу жагынан союздук респ-калардын ичинен 1-орунду ээлейт. Ошону м-н бирге респ-канын а. ч-сы кант кызылчасын, пахта, тамеки, дан эгиндерин өндүрүүгө адистештирилген (2, 3, 4, 5-табл.). А. ч. продукциясынын дүң жыйымынын 47% дыйканчылыктан алынат. Республикада багбанчылык, жүзүм, жашылча, картошка өстүрүү өндүү тармактар да өнүгүп жатат. Республиканын колхоз-совхоздорунун талааларында 1972-ж. 24,6 миң трактор, 3,8 миң эгин комбайны, 1,44 миң пахта комбайны, көп сандаган ар түрдүү татаал а. ч. машиналары иштеген. Колхоз, совхоздордун негизги өндүрүштүк фондулары (1972) 1310,0 млн сомго жетип, 1970-ж-дын башында ар бир колхозго ж-а совхозго 3,8 млн.

5-таблица

Айыл чарба азык-түлүгүн мамл. сатып алуу (миң т)

	1940	1950	1960	1974
Дан эгиндери	207,7	104,5	125,3	256,7
Кант кызылчасы	618,2	560,7	1168,5	1694,5
Пахта	95,0	120,0	125,8	210,5
Тамеки	3,2	4,2	6,5	31,2
Картошка	11,7	8,5	17,8	72,0
Жашылча	7,7	11,3	46,6	194,6
Мал ж-а бакма канаттуулар (тирүү-лөй салмагы)	23,5	37,4	117,7	200,7
Сүт ж-а сүт азыктары	26,6	45,8	156,1	370,2
Жумуртка (млн. даана)	—	7,7	42,7	198,9
Жүн (эсептелген салмагы)	3,7	5,9	17,7	38,8

сомго жакын негизги өндүрүштүк фондулар, 65 трактор, 34 автомобиль, 26000 кой-эчки, 1822 уй, 652 жылкы, 464 чочко, 3400 *га* дан көбүрөөк айдоо аянты туура келген. Колхоз м-н совхоздор 1973-ж. 9-беш жылдыктын үчүнчү чечүүчү жылында айрыкча сонун ийгиликтерге жетишти. Беш жылдыктын эки жылынын ичинде а. ч. продукциясынын дүң өндүрүлүшү 16% ке, мунун ичинен мал чарба продукциясы 20% ке көбөйдү. Колхоздор ж-а совхоздор ар гектардан орто эсеп м-н 21 *ц* ден, ал эми сугат жерлерден 30 *ц* ден ашуун эгин алышты. Мамлекетке эгин сатуунун эл чарба планы 20 миң *т* га ашыра орундалды. Бүткүл союздук соц. мелдештин жыйынтыгы б-ча биздин республикабызга, о. эле Нарын обл-на, Сокулук, Токтогул ж-а Ат-Башы р-ндоруна КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин ж-а ВЛКСМ БКнын Кызыл Туулары тапшырылды. Он сегиз колхоз, совхоз ж. б. а. ч. ишканалары СССР а. ч. мин-восунун ж-а Тармактык профсоюздун Борб. Комитетинин Кызыл Туулары м-н, а. ч. алдынкылары СССРдин ордендери, медалдары м-н сыйланды.

Тогузунчу беш жылдыкта респ-ка 15 миң трактор, 4 млн *т* минералдык жер семирткич алды, бул сегизинчи беш жылдыктагыдан 1,5 эсе көп. Ар саан уйдан сүт саап алуу жылына орт. 303 *кг* га көбөйүп, 1975-ж. 2352 *кг*, жүн кыркуу ар койдон 280 *г* га көбөйүп, 3,2 *кг* га жетти. Беш жылдыкта а. ч-ның дүң продукциясы сегизинчи беш жылдыкка салыштырганда 18,6%ке көбөйдү, ал 5 млрд 46 млн сом болду. Беш жылдын ичинде мамл-ке эл чарба планынан тышкары 129 миң *т* эгин, 140 миң *т* пахта, 699 миң *т* кант кызылчасы, 17 миң *т* тамеки жалбырагы, 164 миң *т* жашылча, 33 миң *т* эт, 58 миң *т* сүт, 91 млн. даана жумуртка, 6,3 миң *т* жүн ж. б. көп продукция сатылды. Колхоздор м-н совхоздордо кой-эчкинин саны 365 миңге, уйдун саны 46 миңге көбөйдү.

Ад.: Рязанцев С. Н., Павленко В. Ф., Киргизская ССР, М., 1960; Развитие народного хозяйства Киргизии, Фр., 1966; Народное хозяйство Киргизской ССР в 1972 г., Ф., 1973; Киргизия, М., 1970 (серия «Советский Союз»); Население и трудовые ресурсы Киргизской ССР, Фр., 1965; Суюмбаев А. С., Крепнет экономика Советского Киргизстана, М., 1972; Усубалиев Т. У., Фрунзе — столица Советского Киргизстана, М., 1971; Киргизстан в братской семье народов, Фр., 1972; Народное хозяйство Киргизской ССР. Юбилейный стат. сб., Фр., 1973; Садыков Р. Е., Воспроизводство овец в горной Киргизии, Фр., 1973.

АЙЫЛ ЧАРБА АВИАЦИЯСЫ — айыл чарбада колдонулуучу аба транспорту. Ал өсүмдүктү илдеттен, зыянкечтерден коргоо; отоо чөптү жок кылуу ж. б. түрдүү жумуштарды аткаруу үчүн пайдаланылат. СССРдин А. ч. а-да Ан-2, Ан-2М, Як-12 самолёттору, Ми-1НХ, Ка-15 вертолёттору кеңири колдонулат. Суюк химикат, порошок, минералдык жер семирткич чачуу үчүн самолёт м-н вертолётторго атайын аспаптар (алар самолёттун же вертолёттун мотору аркылуу иштейт) орнотулат. Өсүмдүк зыянкечи м-н илдетине каршы күрөшүүдө авиация бардык иштин 40% тен ашыгын аткарат. Авиациянын жардамы м-н өсүмдүк зыянкечине же илдетине каршы суюк же күкүм түрүндөгү уу заттар айдоонун үстүнөн 5—10 *м*, отоо чөпкө каршы эритме же эмульсия 5—6 *м*, жер семирткич 10—50 *м* бийиктиктен чачылат. Кыргызстандын дыйканчылыгында көбүнчө Ан-2 самолёту м-н Ми-1, Ми-2 вертолёттору, мал чарбачылыгында Ми-2 вертолёту колдонулууда.

АЙЫЛ ЧАРБА АРТЕЛИ, к. *Колхоз.*

АЙЫЛ ЧАРБА АРТЕЛИНИН УСТАВЫ, к. *Колхоздун болжолдуу уставы.*

АЙЫЛ ЧАРБА БИОЛОГИЯСЫ — өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын ж-а микроорганизмдердин тиричилигиндеги жалпы биол. объективдүү закон ченемдүүлүк ж-дөгү илим. Ал сыртқы чөйрө м-н тирүү организмдердин ортосундагы байланышты, катышты, өсүмдүктөр м-н жаныбарлардын жеке өөрчүшүн, көбөйүү өзгөчөлүктөрүн, тукум куучулук, өзгөрүүчүлүк закондорун ж. б. биол. кубулуштарды изилдейт, жаратылыштагы мындай процесстерди практикага киргизүү жолдорун иликтейт. Өсүмдүк м-н жаныбарлардын адамга керектүү формаларын түзүүдө тандоонун ролу чоң. Тандоо илгертен бери эле белгилүү. Бирок аны туура илимий негизде жүргүзүү А. ч. б. үчүн өтө зарыл. Биология өзүнүн изилдөөлөрүндө Дарвиндин методдорун колдонуп, анын эволюциялык окуусун өркүндөтөт, тереңдетет. Ал биол. өз ара байланыш ж-а организмдердин тиричилигиндеги өөрчүү закон ченемдүүлүктөрүн ж-дөгү маалыматтарды жаратылыш-м-н а. ч. практикасынан алат. А. ч. б-дагы ар бир теориялык корутунду практика жүзүндө текшерилип, объективдүү закон ченемдүүлүккө туура жооп бергени гана тандалып алынат. А. ч. б-дагы изилдөө практика жүзүндө текшерилет. Өсүмдүктөр, жаныбарлар жаратылышта сыртқы чөйрө м-н дайыма өз ара катышта болот. Сыртқы чөйрөнүн шарты алардын белгилүү багытта таасир көрсөтүп, өсүмдүк м-н жаныбарлардын организмдери да ошого жараша өзгөрүлүп турат. Өсүмдүк м-н жаныбарлар да өз кезегинде сыртқы чөйрөгө таасир тийгизет. Аргындашуу ж-а кайчылаш чандашуу организмдердин тиричилигиндеги маанилүү шарттын бири болгондуктан, алар тукум куучулук үчүн белгилүү роль ойнойт. А. ч. б-да өсүмдүктөрдүн жаратылышынын өзгөрүү себептерин табуу өтө зарыл, анткени ал өсүмдүктөрдүн өөрчүүсүн тиешелүү түрдө башкарууга, а. ч-ның таламына ылайык өсүмдүк м-н жаныбарлардын керектүү формаларын түзүүгө жардам берет. А. ч. б-дагы методдор (тандоо, аргындаштыруу ж. б.) өсүмдүк селекциясында ж-а үрөнчүлүктө кеңири колдонулат.

АЙЫЛ ЧАРБА ГЕОГРАФИЯСЫ — экон. географиянын тармагы. А. ч-ның жайгашуусун, факторлорун ж-а закон ченемдүүлүктөрүн изилдейт. А. ч. өндүрүшүнүн структурасындагы терр-ялык өзгөчөлүктө коомдун социалдык-экон. түзүлүшүн жараша болот. Капит. а. ч-ны жайгаштыруу баш аламан, стихиялуу жер рентасынын ж-а эң жогорку көлөмдө алууга умтылуунун таасири м-н түзүлсө, соц. а. ч-ны жайгаштыруу эл чарбасын пландуу, пропорциялуу өнүктүрүүнүн натыйжасында ишке ашырылат. А. ч. өндүрүшүн территориялык жайгаштыруугa көбүнчө төмөнкү объективдүү шарттар таасир этет: а) а. ч. продукциясын керектөөчү жер-а. ч-сы үчүн өндүрүш каражаттарын чыгаруучу жерлерге карата эзелеген экон.-геогр. абалы; б) а. ч. үчүн керектүү эмгек ресурстарынын болушу; в) материалдык ресурстардын топтолушу ж-а жерг. өндүрүштүк тажрыйбанын өзгөчөлүктөрү. А. ч. г-сы экон.-геогр. изилдөөнүн маанилүү элементтери: жерди пайдалануунун айрым түрлөрүн классификациялоо ж-а картага түшүрүү; а. ч. ишканаларынын территориясын уюштуруу формаларын, а. ч. ишканаларынын өндүрүштүк типтерин, а. ч-сын жайгаштыруунун экон. факторлорун изилдөө; табигый чейрөнүн типтерин баалоо; а. ч-сын жайгаштырууну тармактар б-ча талдоо; а. ч.-сын райондоштуруу. Өндүрүштү тех. жабдуунун ж-а уюштуруунун деңгээли б-ча а. ч. уламдан-улам ө. ж. өндүрүштүн

жакындоодо; келечекте а. ч. эмгеги индустр. эмгектин бир түрүнө айланмачы.

АЙЫЛ ЧАРБА ЖЕРИ — дайыма айыл чарбачылыгы үчүн пайдаланылуучу жер участогу. А. ч. ж. болок жерге караганда табигый шарты, чарбада пайдаланылышы (мис., айдоо жер, чабынды, жайыт, бак ж. б.) б-ча өзгөчөлөнүп турат. Алардын ичинен айдоо жердин зор мааниси бар. А. ч. өндүрүшүнүн өсүшү м-н жерди пайдалануу шарты да өзгөрөт. Сов. Союзунда мурда дың жердин көпчүлүгү чоп чабынды же жайыт болсо, кийинчерээк алар өздөштүрүлүп, айдоо жерге айланды. Кыргызстандын чарбаларынын жалпы жер аянты 15 млн *га* (1971), мунун ичинен 9,7 млн *га* — А. ч. ж. Аның 85% — жайыт, 13,3% — айдоо жер.

АЙЫЛ ЧАРБА ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ В. И. Ленин атындагы бүткүл союздук (ВАСХНИЛ) — СССРдеги айыл, суу ж-а токой чарбасы б-ча жогорку илимий мекеме. 1929-ж. Москвада СССР а. ч. мин-восунун алдында уюштурулган. Академиянын составында (1973-ж. 1-янв.) 1 ардактуу академик, 92 академик, 67 мүчө-корр., чет өлкөлүк 40 мүчөсү бар. Президенти — П. П. Лобанов (1965). Академиянын негизги милдеттери булар: а. ч. илимдеринин маанилүү башкы багыттары б-ча теориялык изилдөөнү өнүктүрүү; а. ч-дагы тех. прогресстин принциптүү жаңы жолдорун табуу; пл. из. иштеринин методдорун өркүндөтүү; дүйнөлүк илимдин жетишкендиктерин а. ч. өндүрүшүндө пайдалануугa көмөк берүү. Академия ил. из. иштерин жүргүзөт, координациялайт, илимий-методикалык жактан жетекчилик кылат, а. ч. адистиги б-ча илимий кадр даярдайт. Академиянын күндөлүк ишин анын Президиуму башкарат. ИАның региондук (аймактык) 6 бөлүмү (Сибирде, Түштүктө, О. Азияда, Чыгышта, Закавказьеде, Батышта) ж-а 56 ил. из. ин-ту бар. Академия а. ч. б-ча чет өлкөлүк илимий мекемелер ж-а окумуштуулар м-н илимий-тех. кызматташтыкты ишке ашырат. Эң көрүнүктүү илимий иштердин, жаңы ачуулардын авторлоруна Академия К. А. Тимирязев, Н. И. Вавилов, В. Р. Вильямс, К. К. Гедройц, В. П. Горячкин, М. Ф. Иванов, А. Н. Костяков, И. В. Мичурин, Г. Ф. Морозов, В. С. Немчинов атн. медалдарды ыйгарат. Академия 1949-ж. Ленин ордени м-н сыйланган.

АЙЫЛ ЧАРБА КЛИМАТОЛОГИЯСЫ, к. *Агроклиматология.*

АЙЫЛ ЧАРБА КООПЕРАЦИЯСЫ — айыл чарбада биргелешип продукция чыгаруу же өз чарбаларының муктаждыгын камсыз кылуу үчүн, башка иш-аракеттерин жүргүзүү (продукцияны кайра иштетүү, өткөрүү ж-а өндүрүш каражаттары м-н жабдуу д. у. с.) үчүн товар өндүрүүчүлөрдү шериктештирген кооперациянын бир түрү. В. И. Ленинди кооперативдештирүү планынын негизинде ББАК м-н ЭКСтин 1921-ж. 16-августа кабыл алган «Айыл чарба кооперациясы жөнүндөгү» декрети дыйкандарга ар түрдүү кооперативдер курууга укук берди. Ошонун натыйжасында өлкөбүздө керек-жарак, жабдуу-сатуу ж. б. тармактардагы кооперативдер ж-а өндүрүү-сатуу тармактарын баш коштурган бирикмелер пайда болду. Мис., 1929-ж. 100 миңден ашык кооперативге 13 млн чамалуу дыйкан бириккен. Кыргызстанда Окт. рев-ясынан кийин кооперацияның соц. формаларындагы а. ч. бирикмелери түзүлө баштады (пахтакерлер шериктиги, малчылар шериктиги, кызылчачылар шериктиги ж. б.). Түп. Кыргызстандагы мындай уюмдарды 1923-ж. түзүлгөн «Кредсельпромсоюз», түш. райондорундагы а. ч. кооперацияларын 1924-ж. түзүлгөн «Кугарту» тейлеген. 1927-ж. бул экөө «Кирсельсоюз» уюмуна бириктн да, 1929—30-ж-да «Малчылар союзу», «Дыйкандар союзу», «Пахтакерлер союзу» деген үч звеного бөлүндү. 1931-ж. алар кайра «Коопсоюзга» бирикти. 1930-ж-дын башында А. ч. к-ның ар кыл түрлөрүнө Кыргызстандагы дыйкан чарбаларының 63% ти тартылган. А. ч. к. дыйкандардын соц. жол м-н өнүгүш тарыхында чоң роль ойногон.

АЙЫЛ ЧАРБА КӨРГӨЗМӨСҮ — айыл чарба өндүрүшүнүн ж-а илимиин жетишкендиктерин айгинелөөчү көргөзмө. Ал соц. өлкөлөрдө коомдук өндүрүштүн ж-а калктын мүдөөсүн көздейт. Анын максаты — а. ч. илимиинин ж-а алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүү. СССРде 1939—41 ж-а 1954—58-ж-дары Бүткүл-союздук А. ч. к. өткөрүлүп, ал алдыңкы тажрыйбаны кеңири жайылтууга өбөлгө түздү. СССР Министрлер Советинин токтомуна (1958-ж. 28-май) ылайык Бүткүл союздук А. ч. к. (ВСХВ) ВДНХнын составына кирет. СССРдин эл чарбасынын жетишкендиктерinин көргөзмөсүндө а. ч. б-ча 30дан ашык павильон иштейт, аларда кароо, семинар, конференция, жолугушуу уюштурулат. Көргөзмөгө жыл сайын 200 миңден ашык а. ч. эмгекчиси, 9 миңдей чарба катышат. Алардын алдынкыларына диплом, медаль ж-а баалуу сыйлык тапшырылат. СССР эл аралык көргөзмөлөрү үзбөй катышып турат. Союздук респ-каларда да эл чарбасынын жетишкендиктерinин көргөзмөлөрү бар, к. *Кыргыз ССРинин эл чарбасынын жетишкендиктерinин көргөзмөсү.*

АЙЫЛ ЧАРБА КУРУЛУШУ, к. *Курулуш.*

АЙЫЛ ЧАРБА МАШИНАЛАРЫН КУРУУ — айыл чарба машиналарын ж-а курал-шайман чыгаруучу өнөр жай тармагы. Ал 19-к-дын башында Англияда, кийинчерээк АКШда, Францияда, Австрия-Венгрияда ж-а Германияда, ал эми Россияда 20-к-дын башында пайда болуп баштайт. СССРде А. ч. м. к. тармагы, гражд. согуш аяктап, эл чарбасын калыбына келтирүүгө өткөндөн тартып өнүгөт. 1921-ж-дын 1-апрелинде В. И. Ленин айыл чарба машиналарын куруу декретине кол коёт. 1923-ж. Киров атн. з-ддо дөңгөлөктүү тракторлорду чыгаруу уюштурулат. 1927—28-ж. А. ч. м. к. ө. ж-ның дүң продукциясының көлөмү 138,4 млн сомду түзүп, 1913-ж-га салыштырганда 2,4 эсе өскөн. 1-беш жылдыкта өлкөдө А. ч. м. к. өнөр жайынын кубаттуу негизги түзүлүп, кийинки беш жылдыктарда андан ары өркүндөйт. Натыйжада өлкө а. ч. машиналарын мурдагыдай чет мамлекеттерден сатып алуудан кайра аларга сатууга өтөт. Улуу Ата Мек. согуштан кийин А. ч. м. к. өнөр жайы өзгөчө өөрчүйт. Кыргызстанда алгачкы үч беш жылдыктын ичинде а. ч. машиналарын өндөөчү ж-а тетиктерин чыгаруучу з-ддор курулат. 4-беш жылдыкта Фрунзе атн. з-ддо чөп жыйноочу машиналар чыгарыла баштайт. Кийин бул заводдо а. ч. машиналарынын бир топ түрүн (чөп чапкыч, ат ж-а трактор тырмоочтор, арык казгыч, пресс-подборщик) чыгаруу өздөштүрүлүп, Фрунзе атн. а. ч. машиналарын куруу з-ду өлкөдөгү пресс-подборщик чыгаруучу ири з-дго айланды. 9-беш жылдыкта а. ч. маш. чыгаруу 1,8 эсе көбөймөкчү. А. ч. м. к. башка соц. өлкөлөрдө да тез өнүгүүдө.

АЙЫЛ ЧАРБА МАШИНАЛАРЫН РЕМОНТТОО — бузулган айыл чарба машиналарын ондоо, тейлөө б-ча уюштуруу ж-а тех. чаралар системасы. Тех. ж-а күндөлүк ремонттор РТСтин, колхоздун, совхоздун устаканаларында жүргүзүлөт. Талаа жумуштарының мезгилинде күндөлүк ремонт *автомобиль устаканаларында* жүргүзүлөт. А. ч. машиналары м-н курал-шайман тех. жактан күн сайын тейлеп турулат. Машина жумуштун белгилүү көлөмүн аткаргандa, күндөлүк ремонт жүргүзүлүп, ага жеткилеген тетиктерди калыбына келтирүү жумуштары да кирет. Түрдүү а. ч. машиналарын ремонттоо жумушунун көлөмү алардын конструкциясы м-н тетиктеринин жеңилишине байланыштуу болот. Топуракты иштөөчү машиналарды ремонттоодо негизинен темир усталык иш, түшүм жыйноочу машиналарды (дан комбайндары, боолагыч, оруч машиналар) ремонттогондо, слесардык-мех. иш аткарылып, айрым тетиктер алмаштырылат ж-а эптештирилет. А. ч. машиналарын ремонттоо ж-а монтаждоо тех. талаптарга ылайык жүргүзүлөт.

АЙЫЛ ЧАРБА МЕТЕОРОЛОГИЯСЫ, агрометеорология — метеорол. кубулуштар м-н а. ч. өндүрүшүнүн объектилери ж-а процесстери ортосундагы өз ара байланыш ж-дөгү илим. Аба ырайы, топурактын нымдуулугу м-н темп-расы, кардын түшү-

шу ж-а анын калыңдыгы, жер тоңунун тереңдиги ж. б. метеорол. шарттар а. ч. өндүрүшүнө түздөн-түз таасир этет. Ошондуктан А. ч. м. айыл чарбасынын талабына ылайык изилдөөлөрдү жүргүзүп, агрометеорол. прогноздоо жолдорун белгилеп, өндүрүштүк мекемелерге жардам берет. Байкоолор метеорол. станцияларда ж-а алардын колхоз-совхоздордогу посторунда жүргүзүлөт.

АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮН АВТОМАТТАШТЫРУУ — адамдын көзөмөлү астында автоматтуу жасалгалар м-н а. ч. жумушунун технол. процесстерин башкаруудагы машиналуу өндүрүш этабы. Мында а. ч. өндүрүшү тутумдаш машина системалары, аспаптар ж-а жасалгалар м-н аткарылып, кол эмгеги жеңилдейт. А. ч. өндүрүшүн автоматташтыруу жогорку деңгээлде механикалаштырылган же өт. ж-га жакын өндүрүш процесстеринде гана колдонулат. Анда автоматтык контролдоо, коргоо, жөнгө салуу ж-а башкаруу системалары пайдаланылат. Автоматташтыруу жашылча өстүрүүдө, мал чарбасында, анын ичинен бакма канаттуулар чарбасында кеңири киргизилген. Айрым совхоздордо, колхоздордо жем бергич, саан аппараттары, жумуртка чогултуу ж-а сорттоо, а. ч. имараттарын желдетүү, электроустановкалар ж. б. автоматташтырылган. Сугат дыйканчылыгы, сугаруу ж-а мелиорация системаларынын курулуштарында, каналдардагы сууну бөлүштүрүү ж-а жөнгө салууда автоматика кеңири колдонула баштады. Тракторлордо кыймылдаткычтын айлануучу валынын ылдамдыгын жөнгө салуучу жөндөгүч ж-а майдын, суунун жылуулугун керектүү темп-рада кармап туруучу термостаттар, автоматтык жасалгалар сыяктуу а. ч. машиналарында колдонулуп жатат. Мындай автоматтык жасалгалар чөп, кызылча, пахта, эгин ж. б. жыйноодо да колдонулат. Ушуга байланыштуу колхоз, совхоздордо диспетчердик кызмат ишжүзүнө ашырылып, автоматтык башкаруу принциптери ишке киргизилип чыгууда.

АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ — айыл чарба продукциясынын бирдигине эмгек м-н каражатты аз сарптап, ар гектардан азык-түлүктү көп өндүрүү. Жалпысынан эмгек өндүрүмдүүлүгү, продукциянын өз наркы, чарбанын рентабелдүүлүгү ж. б. көрсөткүчтөр өндүрүштүн эффективдүүлүгүн мүнөздейт. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн, коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүн баалоонун негизи дүң продукция м-н катар дүң кирешe же накта продукция болот. Кыргызстандын а. ч-сында эмгек өндүрүмдүүлүгү 1960-ж-га салыштырганда 1971-ж.— 39, анын ичинен колхоздордо — 43, совхоздордо 18%ке жогорулап, о. эле мезгилде дүң продукция 928 млн сомду түзгөн. Продукциянын өз наркы өндүрүштүн натыйжалуулугун көрсөтүп, анын тех.-экон. табигый ж-а уюштуруу жактарын чагылдырат. Колхоз, совхоздордо продукциянын өз наркын 1%ке арзандатуу 471 млн сомдон айланып, колхоздордо эле 273,4 млн сомдук мүлктү үнөмдөөнү камсыз кылат. Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү анын натыйжасы м-н чыгымынын ортосундагы айырманы — кирешени айкындайт.

АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКТЫЛАРЫНЫН БАЛАНСЫ — айыл чарба продуктыларынын ресурстарынын мүнөзүн ж-а эл чарбасында аны пайдалануу жолун көрсөтөт. Ал продуктылардын ар бир түрү б-ча натуралай ж-а акчалай көрсөткүчтөрдөн таблица түрүндө түзүлөт . Анын кирешe ж-а чыгаша бөлүгү болот: кирешe бөлүгүндө ресурстардын булагы ж-а алардын көлөмү, чыгашасында чыгымдын түрлөрү, негизги багыттары, пайдаланууу багыты, керектөөчүлөрдүн тармагы группалар б-ча көрсөтүлөт. А. ч. продуктылары б-ча төмөнкүдой баланстар түзүлөт: а) а. ч. ишканаларынын ж-а өз чарбасынын продуктыларынын балансы; б) а. ч-сынын товардык продукциясынын балансы; в) а. ч. продуктыларын өндүрүүнү ж-а керектөөнү жыйынтыктоо балансы; г) бардык а. ч. продукциясынын балансы. Баланс товардык продукцияны ж-а а. ч. продуктыларынын өндүрүштөгү ж-а өндүрүшкө байланышсыз керектөө көлөмүн эсептеп чыгарууга мүмкүндүк берет. Ал улуттук кирешенин ж-а аны бөлүштүрүүнүн эсебин чыгаруу, о. эле а. ч-сынын дүң продукциясын акчалай көрсөткүч м-н жалпы өлкө б-ча эсептөө үчүн пайдаланылат.

АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКТЫЛАРЫН МАМЛЕКЕТТИК ДАЯРДОО — белгиленген баа б-ча а. ч. продуктыларын пландуу түрдө борборлоштуруп даярдоо. Даярдоонун башкы максаты өлкөдөгү азык-түлүк, сырьё ресурстарын коомдук өндүрүштүн кызыкчылыгы, эл чарбасын пландуу жүргүзүү үчүн топтоо болуп эсептелет. Ал өндүрүштү адистештирүүдө, өндүрүш чыгымын азайтууда ж-а калк керектөөчү продуктыларды өндүрүүнү көбөйтүүдө а. ч. өсүмдүктөрүн, тармактарын, а. ч. продукциясын өлкөнүн экон. р-ндору м-н зоналары ортосунда туура бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет. О. эле колхоздордун ж-а колхозчулардын товардык продукциясын пландуу баа б-ча сатууну уюшкандык м-н өткөрүүнү камсыз кылат, а. ч. өндүрүшүнүн ургаал өсүшүнө шарт түзөт.

АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯСЫНЫН БААСЫ — айыл чарба азык-түлүгүнүн сатык ж-а өткөрүү баасы. Бул баа мамл. тарабынан белгиленет. Даярдоо мекемелери колхоздордон, совхоздордон, жеке өткөрүүчүлөрдөн а. ч. азык-түлүгүн сатып алып, аларга сатык баасы м-н акча төлөп турат. Сатык бааны белгилөөдө чарбанын продукт өндүрүүдөгү шарты, эмгек өндүрүмдүүлүгү, өз наркы, өндүрүштүн кеңейтилип өнүгүшүнө жараша чыгымдын ордунун толушу эсепке алынып, экон. зоналарга ылайыкталып, продукциянын сапатына жараша белгиленет.

АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯСЫНЫН БИРДИГИ — айыл чарба өндүрүшүндө алынган продукциянын негизги өлчөмү. Көп учурда ал белгилүү бир салмак м-н (мис., өсүмдүк өстүрүүдө өндүрүлгөн продукциянын бирдиги катары жыйналган түшүмдүн 1 ц, мал чарбачылыгында сүттүн, жүндүн, малдын тирүүлөй же союлгандагы салмагынын 1 ц) алынат. Кээ бир учурда продукциянын бирдиги катары анын көлөмү же саны алынат. Мис., бакма канаттуулар чарбасында жумурткanын жүзү же мини, сүттүн литри ж. б. Бул бирдик а. ч-да эмгек өндүрүмдүүлүгүн, өндүрүлгөн продукциянын өз наркын, эмгек акыны эсептөө, чарбанын экономикасын анализдөө үчүн колдонулат.

АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯСЫНЫН ӨЗ НАРКЫ — чарбанын бир продукцияны өндүрүүгө ж-а сатууга кеткен чыгымынын акчалай туюнтмасы. Продукциянын өз наркын түзүүчү негизги чыгымга өндүрүштө сарпталган эмгек предметинин, эмгек каражатынын (амортизациялык чегерүүнүн жылдык суммасы) наркы, эмгек акы, эмгек каражатынын күнделүк ремонтуна кеткен чыгымы, жалпы өндүрүштүк ж-а тармак чыгымы кирет. Өз наркына продукцияны сатуу чыгымы да кошулат. Продукциянын өз наркы коомдук ж-а жекече, же жалпы тармактык болуп бөлүнүп, ар бир колхоз, совхоздун же тармактын чыгымын айкындап турат. А. ч. продукциясынын өз наркы — колхоздордо, совхоздордо иш жүргүзүүнүн маанилүү ж-а жалпы экон. көрсөткүчү. Өз наркы аркылуу эмгек өндүрүмдүүлүгү, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, малдын азык-түлүктүүлүгү, өндүрүштүк фондуларды колдонуунун натыйжалуулугу, эмгекти уюштуруу ж-а ага акы төлөө, чарба жүргүзүүнүн деңгээли, чарбалык эсептин принциптерин ишке ашыруу чагылдырылат. Чарбанын же тармактын жалпы чыгымынын ичиндеги ар кандай сарптоонун өз ара катышы өз нарк структурасы деп аталып, өндүрүү процессинин өзгөчөлүгүн мүнөздейт. Тигил же бул продукциянын өз наркынын структурасындагы өзгөчөлүктөр чарба жүргүзүүнүн деңгээлин аныктайт. Мис., Кыргызстандын колхоздорунда а. ч. азык-түлүгүнүн өз наркынын ичинен материалдык чыгым 62%, эмгек акы 38% түзсө, дыйканчылыкта биринчиси 58%, экинчиси 42%, мал чарбасында биринчиси 65%, экинчиси 35% болгон. Мындан ары да тех. прогресстин натыйжасында орточо эмгек акы кыйшаюусуз өсүп, продукциянын өз наркы төмөндөй бермекчи.

АЙЫЛ ЧАРБА СТАТИСТИКАСЫ — статистиканын айыл чарбадагы процесстерди ж-а өзгөрүштөрдү изилдөөчү тармагы. А. ч-да статистиканын жалпы методологиялык ыктары ж-а жолдору колдонулат; мис., каттоо, топтоо, изилдөө, текшерүү, орточо санды, индексти ж. б. пайдалануу. А. ч. статистикасы а. ч-нын өсүшү, жалпы ж-а күнделүк абалы ж-дөгү маалыматтарды чогултуп, аларды текшерүү аркылуу талдап турат; а. ч-сын пландоого керектүү маалыматтарды даярдап, пайдаланылбаган мүмкүнчүлүктөрдү иликтейт; алдыңкы тажрыйба м-н илимдин жетишкендиктерин жылыштыктап, аларды ж-а соц. мелдешти кеңири жайылтууга көмөк көрсөтөт; кээ бир райондордун, совхоздордун ж-а колхоздордун артта калуу себептерин изилдейт. А. ч. с-нын көрсөткүчтөрүнүн негизги булактары төмөнкүлөр: а) колхоздордун, совхоздордун, көмөк чарбалардын, кооперативдик ишканалардын отчёттору; б) бир жолу жүргүзүлүүчү жалпы каттоо (эсептөө), колхозчулардын, жумушчулардын ж-а кызматчылардын чарбасын изилдөө. А. ч. с-на коюлган негизги талап — отчёттогу көрсөткүчтөрдүн тууралыгы, аныктыгы. Анын тууралыгын текшерүү — статистикалык иштин орчундуу бөлүгү. А. ч. с-нын башкы максаты — а. ч-сын өнүктүрүү көрсөткүчтөрүнүн системаларын, эсептөө жолдорун талдоону улам жакшыртып туруу.

АЙЫЛ ЧАРБА ЭКОНОМИКАСЫ — соц. айыл чарбадагы өндүрүч күчтөр м-н өндүрүш мамилелеринин өз ара байланышын, алардын өсүшүндөгү закон ченемдүүлүгүн көрсөтүүчү, о. эле аз чыгым жумшап, көп кирешe алуу үчүн варыл факторлорду аныктоочу илим. Ар бир колхоз м-н совхозду ж-а алардын өндүрүш тармактарынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү, аларда чарба ишин уюштуруу, өндүрүштү пландаштыруу, план көрсөткүчтөрүн, нормативдерин жакшыртуу, ар кандай коомдук, табигый, тех. илимдердин жетишкендиктерин пайдалануу, эмгекчилерди эмгекке шыктандыруу б-ча материалдык жактан кызыктыруу сыяктуу көп ишт А. ч. э-ныи негизги милдети болуп саналат. А. ч. э. өндүрүштүн өсүү темпинин закон ченемдүүлүгүн, структурасын, пландаштыруу системасын, жолдорун, чарбалык иштеринин эффективдүүлүгүн негиздөөдөгү эсеп-кысапты, өндүрүштөгү илимий-тех. прогресстин багыттарын (өндүрүштү механикалаштыруу, автоматташтыруу, химиялаштыруу ж. б.) кучагына алат. А. ч. мекемелеринин ж-а анын тармактарынын өндүрүш процесстерин анализдөө, анын негизинде пайдаланылбай жаткан резервдерди табуу А. ч. э. үчүн эң маанилүү. А. ч. э. соц. а. ч. экономикасынын өсүү закондорун ж-а аларды иш жүзүндө колдонуу жолдорун көрсөтүп, алардын негизинде а. ч-ныи эффективдүүлүгүн жогорулатуу б-ча ачык-айкын илимий сунуштарды иштеп чыгат.

АЙЫЛ ЧАРБА ЭКОНОМИКАСЫ БОЮНЧА БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ — ВАСХНИЛдин а. ч. экономикасы б-ча борб. ил. из. мекемеси. 1955-ж. Москвада уюштурулган. Институт колхоздор м-н совхоздордун а. ч. өндүрүшүн уюштуруу ж-а экон. проблемаларды иштеп чыгуу, алдыңкы тажрыйбаны корутундулоо, эмгекти нормалоону ж-а эмгек акы төлөөнү жакшыртуу, өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, а. ч. тармактарын рационалдуу жайгаштыруу, а. ч-сынын экон. эффективдүүлүгүн изилдөө, а. ч. жерин баалоо маселелери б-ча иш жүргүзөт.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН АДИСТЕШТИРҮҮ — өлкөнүн, областтардын ж-а райондордун аба ырайына, шартына жараша а. ч. өсүмдүктөрүн ж-а а. ч-нын негизги тармагын белгилөөдө коомдук эмгекти бөлүштүрүүнүн бир жагы. Мында бардык күч товарлай продукциянын бир же бир нече түрүн чыгарууга жумшалат. А. ч. а. зоналык же райондук, чарба аралык, тармак ичиндеги адистештирүү болуп бөлүнөт. Туура адистештирүү табигый шарттарды, жер фондуларын, эмгек ресурстарын ж-а өндүрүштүк курал-жабдыктарды рационалдуу пайдалануга жардам берет. Соц. коомдо а. ч-ныи негизги ж-а кошумча тармактарын туура жайгаштыруунун негизинде дыйканчылык м-н мал чарбасы адистештирилет. Айрым областтар ж-а райондор өсүмдүк өстүрүү, ошол тармакты өркүндөтүү б-ча адистештирилгенде, продукциянын бирдигин өндүрүүгө каражат ж-а эмгек аз жумшалып, өлкөнүн калкын сапаттуу ар түрдүү азык-түлүк м-н камсыз кылууга шарт түзүлөт. КПССтин 24-съездинин ж-а КПСС БКнын Пленумдарынын чечимдерин турмушка ашыруу б-ча Кыргызстан КПнин 15-съезди реш-каның А. ч. а. ж-дө атайын чараларды белгиледи. Ошого ылайык реш-каның а. ч-сы илимий негизде экон. ж-а чарбалык 7 зонага бөлүндү да, тийиштүү тармакты өнүктүрүүгө: мал чарба продукциясын өндүрүүгө, пахта, кант кызылчасын, тамеки ж-а дан эгиндерин өстүрүүгө адистештирилди. Мал чарбасынын ичинен кой чарбасы эң ири тармак болуп эсептелет. Республиканын мал чарбасы үчүн бөлүнгөн капиталдык салымдардын ж-а материалдардын кыйла бөлүгү кой чарбасын өнүктүрүүгө жумшалат. Адистештирилген чарбалар дыйканчылык м-н мал чарбасындагы эмгек процесстерин механикалаштыруу деңгээлин көтөрүп, прогрессивдүү технологияны колдонууда. Натыйжада аларда эмгек чыгымы кескин азайып, продукциянын өз наркы төмөндөп, чарбанын рентабелдүүлүгү жогорулоодо.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ЖҮРГҮЗҮҮ СИСТЕМАСЫ — экономикалык ж-а уюштуруу жактан жалпы чараларды, о. эле а. ч-сында техниканы, технологиялык каражатты, ыкмаларды колдонуу, жаратылыш ж-а экон. шартка жараша чарбаны интенсивдештирүү ж-а адистештирүү жолу аркылуу а. ч. азык-түлүгүн көбүрөөк өндүрүүнү камсыз кылуу, өндүрүчү күчтөрдү туура пайдалануу, продукциянын бирдигине каражатты ж-а эмгекти аз жумшоо. Ар түрдүү тармактуу чарбанын жаратылыш ж-а экон. шартына ылайык илимий сунуштарды иштеп чыгууда ошол чарбанын негизги продукциясын өндүрүүнүн жаңы прогрессивдүү технол. ыкмалар ж-а жолдор эсепке алынат. Бул учурда ар бир системанын экон. жактан таасирдүүлүгүнө, чарба жүргүзүү системасына баа берүү талап кылынат. Мис., Кыргызстандын а. ч-сын жүргүзүү системасынын негизинде анын а. ч-сы зоналарга бөлүнүп, аларга төмөнкү админ.-чарбалык р-ндор кирет: 1) Ферганадагы пахтачылык зонасы— Ош обл-нын Лейлек, Фрунзе, Баткен, Ленин р-ндору; 2) Фергананын тоо этегиндеги пахта, мал чарба зонасы — Токтогул, Лейлек, Фрунзе, Баткен р-ндору; 3) Фергананын тоо этегиндеги тамеки, мал чарба зонасы— Ноокат, Жаңы-Жол, Өзгөн р-ндору; 4) Чүйдөгү кызылча, мал чарба ж-а Фрунзе ш-нын тегерегиндеги сүт-жашылча зонасы — Кемин, Чүй, Кант, Аламүдүн, Сокулук, Москва, Калинин р-ндору; 5) Таластагы кой, тамеки зонасы — Киров, Талас р-ндору; 6) Ысык-Көлдөгү кой-дыйканчылык зонасы — Ысык-Көл, Түп, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң р-ндору; 7) Борб. Тянь-Шань ж-а Алайдагы бийик тоолуу кой чарба зонасы — Кочкор, Жумгал, Тянь-Шань, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо ж-а Ош обл-нын Алай р-ндору. Бардык зонада дыйканчылыкка кенен өрөөндөр, мал чарбасы үчүн бийик тоолуу алыскы жайыттар пайдаланылат.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ИНТЕНСИВДЕШТИРҮҮ — аянтты кеңейтпей туруп жерди иштетүүнү жакшыртуу үчүн негизги фондуларды арбытуу, өндүрүштү топтоштуруу, кыртыштын асылдуулугун жогорулатуу, өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун колдонуу, малдын породасын жакшыртуу, илимдин, техниканын ж-а алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин кеңири пайдалануу м-н турмушка ашырылуучу кеңейтилген кайталанма өндүрүүнүн негизги формасы. Пайдалануруга жарактуу жерлер чектелүү болгондуктан, аны интенсивдүү пайдалануу а. ч-сын ыкпан ары өнүктүрүүнүн, продукцияны көбөйтүүнүн башкы жолу болот. Кошумча салымдар ж-а сарптоолор ирригация, мелиорация, химиялаштыруу, механикалаштыруу ж-а электрлештирүү иштерин өнүктүрүүгө, жер семирткичтерди пайдалануга, малдын санын көбөйтүүгө, сапатын жакшыртууга, тоют өндүрүүгө ж-а жайыт чарбасын интенсивдешти-

рүүгө, илимдин ж-а техниканын жаңылыктарын өздөштүрүүгө ж. б. маанилүү иштерге жумшалат. А. ч-сын соц. интенсивдештирүү сырткы формасы ж-а өндүрүштү жүргүзүүдөгү ыктары жагынан капит. интенсивдештирүүгө окшош көрүнгөнү м-н ички мазмуну ж-а максаты жагынан андан түп-тамырынан бери айырмаланат. Соц. интенсивдештирүүнүн максаты коомдун керектөөсүн канааттандыруу болсо, капит. интенсивдештирүүнүн максаты — кошумча наркты өндүрүүнүн ж-а эзүүнүн эсебинен көбүрөөк жеке пайда табуу.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН КОЛЛЕКТИВДЕШТИРҮҮ — миллиондогон дыйкандардын чачыранды майда жеке чарбаларын ыктыярдуу жол м-н соц. коллективдүү чарбага (колхоздорго) айландыруу. А. ч. к. СССРде Улуу Окт. соц. рев-ясы жеңгенден кийин, социализмди куруунун эң зарыл шарты ж-а милдети болгон. В. И. Лениндин аныктамасы б-ча, А. ч. к-нү иш жүзүнө ашыруунун татаалдыгы ж-а оордугу Улуу Окт. соц. рев-яны даярдоо, аны турмушка ашыруу процессинен кем болгон эмес. Өлкөнү индустриялаштыруу м-н эл чарбасынын соц. ө. ж. тармагы ылдам темп м-н өнүгүп, миллиондогон бытыранды жеке дыйкан чарбаларын соц. негизде кайра курууга материалдык-тех. база түзүлө баштады. Бирок өлкөнү индустриялаштыруунун алгачкы жылдарында товардуулугу аз, жеке менчик, бытыранды майда чарбалар жумушчу табын а. ч. продуктулары м-н, ө. ж-ды сырьё м-н камсыз кыла албай калды. СССРде а. ч-сын коллективдештирүү В. И. Лениндин гениалдуу кооперативдик планынын негизинде иш жүзүнө ашырылды. Айыл-кыштактагы кедей ж-а орто дыйкандар ыктыярдуу биригип, а. ч-сында ири соц. ишканалар — колхоздор уюшулду. Натыйжада ар кандай карама-каршылыктар, капитализмди кайра орнотуу коркунучун түзгөн кулактар тап катары жоюлуп, а. ч-сында да соц. коомдук мамилелер толугу м-н жеңди ж-а социализмди курууга зарыл шарт түзүлдү. Совет бийлигинин карамагына өткөн помещик чарбаларынын негизинде мамл. а. ч. мекемелери (совхоздор) уюштурулду. Жумушчу табы м-н дыйкандардын бузулбас союзу, өлкөнү соц. индустриялаштыруу, жерди мамлекеттештирүү, кооперацияны жабдуу, кредиттөө б-ча жөнөкөй формаларынын кеңири түзүлүшү СССРдин А. ч. к-до негизги саясий ж-а экон. шарт катарында кызмат өтөдү ж-а бул процессти жүргүзүүнү бир кыйла жеңилдетти. А. ч. к. коммунисттик партиянын, бүт совет элинин Окт. рев-ясынан кийинки эң улуу тарыхый жеңиши болду. Бул тарыхый жеңишти иш жүзүнө ашырууда ж-а а. ч-сын соц. негизде кайра курууда Совет бийлиги орнотулгандан тартып түзүлө баштаган ТОЗдор, артелдер, коммуналар, совхоздор ж-а кийинчерээк машина-трактор станциялары (МТС) чоң роль ойноду. Алар өзүлөрүнүн коллективдүү эмгеги, жогорку деңгээлдеги өндүрүштүк иши, жетишкендиктери, техниканы, алдыңкы тажрыйбаны колдонуу ж-а булардын пайдалуулугун көрсөтүү жолу м-н дыйкандардын кеңири массасын коллективдештирүүдө, а. ч-сын өнүктүрүүдө пропагандист ж-а агитатор катарында чоң кызмат кылды. СССРде А. ч. к. толугу м-н В. И. Лениндин кооперативдик планына ылайык жүргүзүлүп, өлкөнүн а. ч-сында колхоздук-кооперативдик жаңы коомдук — соц. мамилелер толугу м-н жеңип чыкты; өлкөдөгү дыйкандар эксплуатациядан бошогон өздөрүнүн өндүрүшүн коллективдик соц. менчикке, коллективдүү эмгекке ж-а алдыңкы техникага негиздеген колхоздук дыйкандар табына айланды. Ошондуктан Партиянын 15-съезди тарыхка А. ч. к. съезди катарында кирди. Колхоздорго кедей-дыйкандар гана эмес орто дыйкандар да массалык түрдө кире баштады. СССРде коллективдештирүүнүн жүрүшүн төмөнкү таблицадан байкоого болот:

Жылдар	1-июлга чарбалардын коллективдештирилиши (% м-н)	Жылдар	1-июлга чарбалардын коллективдештирилиши (% м-н)
1918	0,1	1931	52,7
1927	0,8	1932	67,4
1928	1,7	1937	89,1
1929	3,9	1940	98,9
1930	23,6	1950	99,9
		1960	100,0

А. ч. к. саясатын туура жүргүзүүдө ж-а кетирилген кемчиликтер м-н каталарды тез арада оңдоого ВКП(б) БКнын «Коллективдештирүүнүн темпи жана мамлекеттин колхоздук курулушка көрсөтүүчү жардамы жөнүндөгү» токтому (1930) чечүүчү роль ойноду.

Кырг. ССРинде бүт өлкөдөгүдөй эле, Совет бийлиги орногондон кийин эле, мамлекеттештирилген жерде алгачкы коллективдүү чарбалар курула баштады. Республикада 1925-ж-дын 1-октябрына 60 а. ч. артели ж-а 4 коммуна түзүлүп, алар дыйкандардын 980 чарбасынан турган. Ал эми 1928-ж-дын 1-октябрына 3560 дыйкандар чарбасынан турган 179 а. ч. артели, 1800 дыйкандар чарбасынан турган жерди биргелешип иштөө шериктиги (ТОЗ) ж-а 140 чарбадан турган 5 коммуна түзүлгөн. Туташ коллективдештирүүнүн негизинде 1931-ж. коллективдүү чарбалардын саны 1500 гө жетип, 1932-ж. дыйкандардын 66,2% коллективдүү чарбага кирди. Экинчи беш жылдыкта респ-канын а. ч-нын алдына түзүлгөн коллективдүү чарбаларды чарбалык уюштуруу жагынан чыңдоо ж-а А. ч. к. процессин бара-бара аяктоо милдети коюлуп, 3-беш жылдыктын башында респ-канын айыл-кыштактарында соц. коомдук мамилелер толугу м-н жеңди ж-а а. ч-сы жаңы соц. негизде өнүгө баштады. 1940-ж. респ-канын а. ч-сында 36 совхоз, 65 МТС ж-а 1941 колхоз болгон. Колхоз, совхоздорго 1940-ж. респ-канын бардык дыйкандарынын 98,7% кирди ж-а жалпы айдоо аянтынын 96,3% коомдук ж-а колхоздук-кооперативдик менчикке айланды. Колхоз ж-а совхоздордо респ-ка б-ча уйдун 36%, кой-эчкинин 64,5% топтолгон. Талааларда 5182 трактор, 1050 дан комбайны ж-а 2607 жүк ташуучу автомобиль иштеген. Ал эми 1973-ж-дын 1-январына 234 колхоз ж-а 111 совхоз болгон.

Ад.: Маркс К., Капитал т. 1—3; Ленин В. И., Рабочая партия и крестьянство, Полн. собр. соч., 5 изд., т. 4; его же, О кооперации, там же, т. 45; Коллективизация сельского хозяйства. Важнейшие постановления Коммунистической партии и Советского правительства 1927—1935, М., 1957; Ленинский кооперативный план и борьба партии за его осуществление, М., 1969; Торжество ленинского кооперативного плана. Материалы Третьего Всесоюзного съезда колхозников. Ноябрь 1969 г., М., 1969.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН КРЕДИТТӨӨ — мамлекеттик банк тарабынан а. ч. ишканаларына убактылуу пайдаланууга акча каражаттарын берүү. А. ч. өндүрүшү сезонго байланыштуу болгондуктан, өндүрүлгөн продукция көбүнчө бир мезгилде сатылып, андан түшкөн акча каражаттары кайталанма өндүрүш процессинин үзгүлтүксүз жүрүшүн камсыз кыла албайт. Ошондуктан өндүрүш чыгымын чарбага түшкөн акча каражаттары жаба албай калган учурда, мамл. банк а. ч. ишканаларына белгилүү шарт б-ча узак ж-а кыска мөөнөттүү кредит берет. Узак мөөнөттүү кредит мал чарба имараттарын куруу, механикалаштыруу, электрлештирүү, техника, мал сатып алуу, жерди мелиорациялоо ж. б. негизги каражаттарды толуктоо үчүн каралат. Кыска мөөнөттүү кредит күйүүчү май, уу химикат, отун, үрөн, тоют, минералдык жер семирткич, жаш мал, сырьё ж. б. сатып алуу үчүн берилет. А. ч-сын кредиттөө өзгөчө КПСС БКнын март (1965) Пленумунан кийин кеңири колдонула баштады. 1967-ж-дан баштап колхоздор эмгекке акы төлөөгө да кредит алып турган болду.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН МЕХАНИКАЛАШТЫРУУ — айыл чарба өндүрүшүнүн бардык тармагында техниканы кеңири колдонуунун негизинде кол эмгегин механикалаштырган эмгек м-н алмаштыруу. Өлкөнүн индустриялашышы, жеке дыйкан чарбаларынын коллективдештирилиши, МТСтердин түзүлүшү мурда артта калган, чачыранды чарбаларды механикалаштырылган соц. ири чарбага айландырууга мүмкүндүк берди. А. ч. м. эмгекти жеңилдетип, анын мүнөзүн өзгөртүп, өндүрүмдүүлүгүн жогорулатты. А. ч. өндүрүшүнүн жогорулашы илим м-н техниканын жетишкендиктерин колдонууга ж-а механикалаштырууга байланыштуу. А. ч. өндүрүшүн техника м-н жабдуу анын интенсивдештирилишин жогорулатып, жерди пайдаланууну жакшыртат да, каражатты аз сарп кылып, ар 100 *га* аянттан продуктуну көбүрөөк алууну камсыз кылат. Кийинки жылдарда өлкөбүздө трактор м-н а. ч. машиналарын куруу бир кыйла кеңейгендигине байланыштуу 1973-ж. эле колхоз-совхоз талааларында 322 миң трактор, 184 миң ар кыл комбайн иштеди. Ал эми респ-кабыздын к-здорунда ж-а с-здорунда 1974-ж. 25 миңден ашык трактор, 13 миң комбайн, пахта жыйноочу 1500 машина, 18 миң автомобиль ж-а жүз миңдеген а. ч. машиналары болгон. А. ч. өсүмдүктөрүн себүү, жер айдоо ж-а аны иштетүү, түшүм жыйноо толук механикалаштырылган. 1958-ж-дан баштап а. ч. техникасы колхоздорго сатыла баштады. Бул А. ч. м-дагы эң маанилүү маселе — комплекстүү механикалаштырууга өтүүгө өбөлгө болду. Азыр респ-канын ар бир колхозунун машина-трактор паркы бар. Аларда комплекстүү механикалаштырылган бригада ж-а звенолор иштейт.

Ад.: Горячкин В. П., Собрание сочинений, т. 1—3, М., 1965; Славин Р. М., Автоматизация производственных процессов животноводческих ферм, М., 1965.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН МЕХАНИКАЛАШТЫРУУ БОЮНЧА БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ИЛИМ-ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ — ВАСХНИЛдин а. ч-сын механикалаштыруу б-ча борб. ил. из. мекемеси. 1931-ж. Москванын жанында уюштурулган. Дыйканчылыкты ж-а мал чарбачылыгын механикалаштыруу б-ча илимий конструкторлоо ишин жүргүзөт. Институттун 28 лабораториясы, бир нече бөлүмү, тажрыйба станциялары ж-а чарбалары, Борб. тажрыйба-конструкторлук бюросу, тажрыйбалык машиналарды жасоочу машина куруу з-ду бар. Институт тарабынан кызылча комбайны, чөп чапкыч, саагыч жасалга, трактор соко, сеялка ж. б. машиналар, түрлүү механизмдер өндүрүшкө киргизилген.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН МЕХАНИКАЛАШТЫРУУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫ — квалификациялуу механизаторлорду даярдай турган профтех. билим берүүчү окуу жайлар. 1953-ж. механизация мектебинин базасында уюшулган. Аларга 8—10 жылдык билими бар жаштар кабыл алынат. Мындай окуу жайлар а. ч-нын ар кандай тармактары б-ча адистештирилип, механизатор, слесарь, шофёр ж. б. кесип ээлерин даярдайт. Окуу мөөнөтү негизги группаларда 1 жылдан 2 жылга чейин. Кыргызстанда жаштарга профтех. билим берүүчү 28 окуу жайы бар (1974).

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ХИМИЯЛАШТЫРУУ — айыл чарба өндүрүшүндө химияны кеңири колдонуу. Анын башкы маселелерине семирткичтерди пайдалануу, өсүмдүктөрдү зыянкечтерден ж-а илдеттерден коргоо, малды ылаңдан сактоо, отоо чөптү жок кылуу, тоют консервалоо, мелиорация, топуракты асылдандыруу, өсүмдүктөрдүн, топурактын, семирткичтердин составын ж-а касиетин изилдөө, тирүү организмде байкалуучу кубулушту иликтөө ж. б. кирет. А. ч-да ар түрдүү хим. заттарды (семирткичтер, гербициддер, дефолианттар, гибереллиндер, витаминдер, антибиотиктер ж. б.) колдонуу дыйканчылыктын деңгээлин көтөрүү м-н өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн ж-а малдын кунардуулугун арттырып, алардан алынган азык-түлүктүн сапатын жогорулатат. А. ч. х. химия ө. ж-нын, биол., физ. ж-а тех. илимдеринин өнүгүү процестери м-н тыгыз байланыштуу. Кыргызстанда 1932—37-ж-дан тартып пахта эгүүдө, кийинчерээк кызылча өстүрүүдө химия пайдаланыла баштады. Химиялаштыруу пландуу түрдө 1936—40-ж-дан бери жүргүзүлүп, Кыргызстан дыйканчылык, топурак таануу ж. б. ил. из. ин-ттары, Чүй, Ош, Нарын ж-а Ысык-Көл зоналык агрохим. лабораториялары аркылуу ишке ашырылууда.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ЭЛЕКТРЛЕШТИРҮҮ — электр энергиясын а. ч. өндүрүшүндө (уй саагында, кой кыркууда ж. б.) пайдалануу. Бул өндүрүштү комплекстүү механикалаштыруунун эң жогорку формасы катары арбып, сапаттуу продукция алууга, эмгекти жеңилдетип, өндүрүш чыгымын азайтууга, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып, продукциянын өз наркын арзандатууга өбөлгө түзөт, к. *Электрлештирүү.*

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ЭЛЕКТРЛЕШТИРҮҮ БОЮНЧА БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ИЛИМ-ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ — ВАСХНИЛдин а. ч-сын электрлештирүү б-ча борб. ил. из. мекемеси. 1931-ж. уюштурулган. 1937-ж. а. ч-сын механикалаштыруу б-ча бүткүл союздук ил. из. ин-ту м-н бириктирилген. 1948-ж. кайрадан бөлүндү. Ин-ттун 12 лабораториясы, бир филиалы (Запорожьеде) бар. Алар а. ч-сында электр энергиясын бөлүштүрүү ж-а пайдалануу маселелери б-ча алдыңкы тажрыйба м-н илимдин жетишкендиктерин жайылтып, ил. из. ишин жүргүзөт. Запорожьедеги филиалынын илимий-тажрыйба чарбасы 2000 *га* жерди ээлейт, ал толук электрлештирилген.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫНА КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР — негизги фондуларды кеңейтүү, кайрадан куруу, модернизациялоо ж-а жаңыдан түзүү үчүн сарптоо. Ага өндүрүштүк имараттарды, ирригация ж-а мелиорация объектилерин куруу, а. ч. техникасын, шайман ж-а жабдуу сатып алуу, бак-дарак өстүрүү, турак жай ж-а маданий-тиричилик объектилерин куруу ж. б. чыгым кирет. Эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык планына ылайык өлкөнүн а. ч-сына (1971—75) 128,6 млрд. сом сарпталат. Бул өткөн эки беш жылдыктагы капиталдык салымдын көлөмүнө барабар. Кырг. ССРинде а. ч-сына 703,1 млн. сомдук капиталдык салым (колхоздордукун эсепке албаганда) жумшалат. Мунун натыйжасында а. ч-нын материалдык-тех. базасы кеңеет ж-а өркүндөйт, эмгектин фонду м-н жабдылышы өсөт. Булар жер аянтынын бирдигинен продукция өндүрүүнү көбөйтүп, өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жогорулатат.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ ӨНДҮРҮШТҮК САРП — продукция өндүрүүгө жумшалган күч эмгеги м-н буюмдаштырылган (мурун жумшалган) эмгекти сарптоонун жыйынтыгы. Мындай сарптоого өндүрүштүк процесске пайдаланылуучу бардык коомдук-керектелүүчү күч ж-а буюмдаштырылган эмгек кирет. Алар продукция өндүрүү коом үчүн канча каражатка турарын көрсөтөт. Булар продукциянын өз наркы аркылуу көрсөтүлөт. А. ч. продукциясынын өз наркына кирүүчү бардык сарптоо өзүнүн өндүрүш процессиндеги мааниси ж-а өз наркына кошулуусу б-ча классификацияланат. Өндүрүш процессине катышуудагы маанисине жараша негизги ж-а кошумча сарптоо болуп бөлүнөт. Негизги сарптоо продукция өндүрүүгө түздөн-түз катышат. Буларга күч эмгеги ж-а материалдык ресурстар (эмгек акы төлөө, үрөн, тоют, күйүүчү материалдар, жер семирткичтер, негизги каражаттардын амортизациясы ж. б.) кирет. Кошумча сарптоо өндүрүштү башкаруу, тейлөө чыгымын камтыйт. Ал жалпы чарбалык ж-а өндүрүштүк чыгым болуп экиге бөлүнөт. Продукциянын өз наркына кошулушу б-ча бардык сарптоо тике ж-а кыйыр болуп айырмаланат. Тике сарптоого а. ч. продукциясынын өз наркына түздөн-түз кошулуучу чыгым кирет. Ал эми кыйыр сарптоо продукциянын наркына түздөн-түз кошулбастан, продукциянын ар бир түрүнө кыйыр түрдө бөлүштүрүлүп кошулат. Бул жалпы өндүрүштүк ж-а жалпы чарбалык сарптоону кучагына алат.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ ТЕХНИКАЛЫК ПРОГРЕСС — айыл чарбасынын материалдык-тех. базасынын өнүгүү процесси, илим м-н техниканын жетишкендиктерин, алдыңкы технологияны өндүрүшкө кеңири киргизүү. Социализмде тех. прогресс — коммунизмдин материалдык-тех. базасын түзүүнүн, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн, калктын материалдык-маданий деңгээлин жогорулатуунун негизги булагы; а. ч. эмгегин индустр. эмгектин бир түрүнө айландыруу жолу. Ал өз ара байланыштуу төрт багытта өнүгөт: 1) дыйканчылык м-н мал чарбачылыгынын маданиятын жогорулатуу. Буга эмгекти уюштуруунун прогрессивдүү формаларына өтүү, өсүмдүктөрдү туура которуштуруп айдоону өздөштүрүү, алдыңкы методдорду колдонуу, өсүмдүктөрдүн түшүмдүү сортторун тандоо, малдын тукумун, продуктуу-

лугуп ж-а багуупу жакшыртуу чаралары кирет; 2) жумушту механикалаштыруу, жерди өздөштүрүү ж-а мелиорациялоо; 3) орг. ж-а минералдык семирткичтерди, хим. заттарды кеңири пайдаланып, өндүрүштү химиялаштыруу; 4) техника м-н жабдууну күчөтүү, аны тынымсыз өркүндөтүп, пайдаланууну жакшыртуу.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН ДҮҢ ПРОДУКЦИЯСЫ — бир жылда дыйканчылыкта ж-а мал чарбачылыгында өндүрүлгөн продуктулардын жалпы акчалай көлөмү. Дыйканчылыктын дүң продукциясы бардык а. ч. өсүмдүктөрүнүн дүң түшүмүнөн түзүлөт да, ага кооз дарак, мөмө багын өстүрүү наркы кошулат. Мындан башка буга дыйканчылыкта бүтпөй калган өндүрүштүн (күздүк эгин айдоо, жаздык эгин себүү, жер даярдоо ж. б. үчүн жумшалган чыгым) көлөмүнүн өсүмү кошулат же кемүүсү алынып салынат. Мал чарбасынын дүң продукциясы чийки азык-түлүктөн турат. Буга алынган төлдүн ж-а борго байланган малдын салмагынын өсүш наркы кошулат. Дүң продукциянын бир бөлүгү өндүрүш процесстерин улантуу үчүн чарбалык керектөөгө пайдаланылып, ал эми көбүрөөк бөлүгү товардык продукция катарында сатылат.

АЙЫЛДЫК ЖАШТАРДЫН КЕЧКИ МЕКТЕБИ — СССРдеги өндүрүштөн кол үзбөй сегиз жылдык ж-а орто билим берүүчү окуу жайы. СССР ЭКСи 1944-ж. 15-июнда «Айылдык жаштардын кечки мектептерин уюштуруу жөнүндө» токтом кабыл алган. 1958-ж-дан тартып алар жумушчу жаштар мектеби сыяктуу эле *жалпы билим берүүчү кечки (сменалык) орто мектептер* деп атала баштаган. Бул мектептерде окуучулардын каалоосу б-ча профессионалдык адистигин жогорулатуучу сабактар ж-а кыскартылган мөөнөт м-н сегиз, он жылдык мектептин көлөмүндө жалпы билим берүүчү класстар уюштурулган. Окуу жылынын башталышы а. ч. жумушуна байланыштуу ар кайсы р-ндо ар түрдүүчө болушу мүмкүн. Кыргызстанда 1973-ж. А. ж. к (сменалык) м-де 6,9 миңге жакын улан-кыз окуган.

АЙЫЛДЫК КАБАРЧЫ, к. *Кабарчы*.

АЙЫНА ЖЕТИП ТӨРӨЛГӨН БАЛА (лат. maturus — жетилген) — бойго бүткөн баланын 39—40 жумада төрөлүшү. Мындай баланын бою 50 *см* ге чейин, салм. 3200—3300 *г* болуп, кыймыл-аракети, бакырып ыйлашы, эмчекти эмүү, сүттү жутуу рефлекстери толук өсүп жетилген болот. Териси жумшак, кызгылт, далыдан башка жеринде түк жокко эсе. Чачы 2 *см* ге чейин өсүп, тырмактары манжа этинен ашып турат. Баланын айына жетип төрөлүшүн текшерүүнүн соттук медицинада аталыкты аныктоо ж. б. маселелерди чечүүдө мааниси бар.

АЙЫП — Октябрь рев-ясына чейин кыргыздагы адат укугу б-ча кылмыш жасагандарга бийлер тарабынан берилген жазалардын бири. А. негизинен ар кыл кылмыштарга ар кандай өлчөмдө белгиленген. А-тын өлчөмү мезгилге, шартка, айыпкердин ж-а жабыр тарткандын таптык абалына, мансабына, байлыгына жараша оош-кыйыш боло берген. Эзүүчү таптын мүдөөсүн көздөгөн бийлер А. тарттырууда өз билгенин иштеген. Адат укугу А-ты жөнөкөй айып ж-а тогуз айып деп бөлөт. Жөнөкөй А. ат, тон (бир жылкы, бир тон), бир кара (жылкы же уй), тон (тон, ичик, чепкен, чапан), жандык (бирден тогузга чейин кой-эчки) деген жазалардан турган. Айыпкердин малы болбосо, А-ты кара күчү м-н өтөөгө мажбурлаган. Ошондон бай-манаптар оңой-олтоң, арзан малай күчүнөн пайдаланууга мүмкүнчүлүк алган. Тогуз айып төө баштаган тогуз, ат баштаган тогуз, уй баштаган тогуз деген жаза м-н белгиленген. Эгер жабыр тарткан жак бай же манап болсо, айыпкерге үч тогуз ж-а андан көп А. салынган. А. үч жактын: жабыр тарткандын, манаптын ж-а иш караган бийдин пайдасына өндүрүлгөн. А. таптык мүнөздө болуп, дайыма айыпкер м-н жабыр тарткандын социалдык-саясий, коомдогу укуктук абалына байланыштуу чечилген.

АЙЫПКЕР — кылмышы үчүн жоопко тартылган адам. Сов. закон б-ча, далилдер жетиштүү болгондо гана адам күнөөлүү деп табылат. А. актана алат, жактоо укугунан пайдалана алат; тергөөчүгө, соттун составына ишенбесе, аларга отвод берүүгө акысы бар. Бурж. мамл. сот процесстеринде бардык эле А., айрыкча революционерлер ж-а прогрессчил ишмерлер мындай укуктан пайдалана албайт.

АЙЫПТОО — кылмышкердин күнөөсүн далилдөөдө сот адилеттигин жүзөгө ашыруучу өзгөчө функция. А-нын негизги принциптери: объективдүүлүк ж-а соц. закондуулукту так сактоо. СССРде мамл. А. функциясын *прокуратура* органы аткарат. Сотто *коомдук айыптоочунун* болушуна да Сов. закон жол берет. А-нын бул формасы соц. сот адилеттигин жүзөгө ашырууга эмгекчилердин катышын турушун камсыз кылат.

АЙЫПТОО КОРУТУНДУСУ — бүткөрүлгөн тергөө материалдары негизинде аныкталган кылмыштын жагдайлары ачык баяндалган ж-а айыпкердин айыбы кыска, так көрсөтүлгөн процессуалдык акт. А. к. прокурор тарабынан бекитилип, иш м-н бирге сотко жиберилет. Сот ал материалдарды даярдык көрүү заседаниесинде же судья өзү карап соттолуучунун сотко берилишин чечет. А. к-нун көчүрмөсү айыпкерге милдеттүү түрдө иш каралуудан 3 сутка мурда тапшырылат. Сот А. к-да көрсөтүлгөн күнөөнүн чегинен ашыра айыптап өкүм чыгара албайт. СССР Конституциясы бекиткен тартипте айыпкердин жактоо укугу гарантияланат.

АЙЫР (Acorus) — ароиддер тукумундагы өсүмдүк уруусу, көп жылдык чөп. Тамыр сабагы жоон, сойлоп өсөт, чач тамырлуу ж-а жалбырагы ичке. Топ гүлү — сото. Жер бетинде 2 түрү белгилүү. А. calamus Азия, Европа, Түн. Америкада таралган. СССРдин европ. бөлүгүндө, Сибирде, Ы. Чыгышта, Казакстанда бар. А. Кыргызстанда (Ысык-Көлдүн чыгышында) сейрек кездешет. Өзөндөрдүн, көлдөрдүн, көлмөлөрдүн жээктеринде ж-а саздарда өсөт. А. вегетативдик жол м-н көбөйөт. А-дын тамыр сабагынан эфир майы алынат, ал парфюмерия, кондитер ө. ж-да, препараты медицинада боор, өт, бөйрөк ж-а борб. нерв системасынын ооруларын дарылоодо колдонулат.

АЙЫРМА — ар кандай кубулуштун, процесстин, буюмдун өзгөчөлүгүн, алардын ички карама-каршылыгын ж-а өнүгүшүн мүнөздөөчү биримдиктин зарыл моменти. А. материянын кыймылынын, биримдиктин диалек. экиге бөлүнүүсүнүн, карама-каршылыктардын өнүгүшүнүн натыйжасы катары келип чыгат. А.— бирдей эмес нерселердин катышы, объектинин башкалардан өзгөчөлүгү. А. нерселердин өнүгүшүнүн ички карама-каршылыгын көрсөтүп, өнүгүү процессинин алгачкы стадиясын түзөт, анын күчөшү карама-каршылыкка алып келет. Тышкы ж-а ички А-ны бири биринен ажырата билүү зарыл. Тышкы А. нерсенин өнүгүшү м-н байланышпайт, анын башкалардан өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Ички А. нерсенин өнүгүшүнүн негизги себеби катары анын башка түргө айланышын туудурат. Натыйжада ички А. тышкы айырмачылыкка өтөт. О. эле белгилүү бир шартта тышкы А. ички А-га өтүшү мүмкүн. Тышкы ж-а ички А. орг. түрдө байланышкан, ошондуктан аларды ажыратып кароого болбойт.

АЙЫРМАЧ — өзү ээрде жүрө албаган кичинекей бала (3—5 жаштагы) үчүн жасалган ат жабдыгынын бир түрү. А. илгери кыргыздар көчмөн турмушта жашаган кезде балдарды өңөрбөй



АЙЫРМАЧ: 1. Каштары; 2. Капталдары; 3. Жан жыгачтары; 4. Куюшканы; 5. Көмөлдүрүгү; 6. Бут салмайы (кийиз баштык үзөңгүсү); 7. Жан жыгач бүлдүргүлөрү; 8. Шалдырак (камчы).

өзүнчө атка мингизүү ж-а атта жүрүүгө көндүрүү үчүн атайын урунулган. А-тын кашы м-н артын бирдей кылып, кайчылаш аштап жасайт, ал ээрдикинен 10—15 *см* бийик болот. Бала оош же ыргып кетпес үчүн А-тын капталдарына туурасынан жалпак жыгачтар бекитилип, алар баланы эти оорубагандай кысып турат. А-тын үстүнө көпчүк салынат. Үзөңгү ордуна тебүү үчүн кийиз же териден кооздолуп жасалган теминги болот.

АК АМУР (Ctenopharyngodon idella) — каңылтырлар тукумундагы балык. Уз. 122 *см*, салм. 32 *кг* га чейин жетет. Амур д-да ж-а анын куймаларында жашайт. Өлкөбүздүн европ. бөлүгүндө, О. Азиядагы көлмөлөрдө байырлаштырылган. Ак а-дун ургаачысы 1 млн-го жакын урук таштайт. Көбүнчө суу өсүмдүктөрү м-н азыктанып, көлдөрдү, дарыяларды, ирригация каналдарын, ТЭСтин муздаткыч көлмөлөрүн чөптүн басып кетишинен тазалап турат. Кыргызстандын балык өстүрүүчү э-ддорунда 1967-ж-дан бери көбөйтүлүп жатат.

АК АЮУ (ursus maritimus) — сүт эмүүчүлөрдүн жырткычтар түркүмүндөгү айбан, к. *Аюулар*.

АК БАЛЕК (англ. vilt — солуу) — өсүмдүктү солутуучу илдет. Ал топуракта, өсүмдүк чириндисинде жашоочу вертициллиум ж-а фузариум грибокторунун таасиринен пайда болот. Мындай грибоктор тамыр аркылуу өсүмдүккө кирип, азык заттардын алмашуусун бузчу зыяндуу зат бөлүп чыгарат. А. б. көбүнчө гозо, о. эле дарбыз, коон, картошка, томат, өрүк, шабдалы ж. б. өсүмдүктөрдү зыянга учуратат. Илдетке чалдыккан гозонун азыктануусу начарлап, жалбырагында ак саргыч темгил пайда болот. Жетилип калган көсөк тез бышып, ачылып кетет. Пахтанын түшүмү айрым убакта 50—70%ке чейин төмөндөп, буласынын ж-а чигитинин сапаты начарлайт. Көбүнчө өсүмдүктүн бир эле түрүн бир жерге көп жыл удаа эгүүнүн натыйжасында А. б. илдети өөрчүйт, А. б. илдетине каршы күрөшүүнүн негизги жолу: гозону ж. б. өсүмдүктөрдү которуштуруп эгүү, вертициллиум ж-а фузариум грибокторуна туруктуу гозо сортторун райондоштуруу, илдетке чалдыккан гозо паяны талаага калтырбай, жыйнап алуу ж-а жогорку агротех. ыкмаларды колдонуу.

АК БАЛЫК (stenodus leucichthys) — лосостор тукумуна кирүүчү балык. Денесинин уз. 120 *см* ге чейин, салм. 14 *кг* га жакын. Ургаачылары 6—7, эркектери 5—6 жылда жыныстык жактан жетилет. Каспий деңизинде бар. Уруктануу убагында Волга, Урал д-ларына өрдөп барышат. Гидротех. курулуштар балыктардын дарыяларга өрдөп чыгышына жолтоо кылып, ошондон улам А. б-тын саны азайып кетти. Түн. Муз океанында А. б-тын нельма түрчөсү жашайт.

АК БООР (Pterocles alchata) — булдуруктар түркүмүндөгү канаттуу. Көгүчкөндөн кичирээк, жон жагы сары күрөң, боору агыш, алкымы кара, ортоңку жуп чалгын куйруктары м-н канат чалгындары узун. Афганстан, К. Азия, Сирия, Палестина, Түн. Африка, Иран, Ирак өлкөлөрүндө, Түркм., Өзб. ж-а Каз. ССРлеринин чөл талааларында жашайт. Кыргызстандан жазында март-апрелде, күзүндө сент.-октябрда учуратууга болот. А. б-дун жеми — өсүмдүктөрдүн уруктары, курт-кумурскалар ж. б.

АК БООР КАРЛЫГАЧ — карлыгачтар түркүмүндөгү канаттуу, к. *Карлыгачтар*.

АК БООР СУУЧУЛ КАРА — таранчы сымалдар түркүмүндөгү канаттуу, к. *Суучул каралар*.

АК ДЕҢИЗ — Түн. Муз океанынын кургактыкка терең кирип жаткан бөлүгү, СССРдин европ. бөлүгүнүн түндүгүндө. Түндүгү Баренц деңизи м-н кысык аркылуу биригип турат. Бул эки деңиздин чек арасы Ыйык ж-а Канин тумшуктарын бириктирип туруучу алкым аркылуу өтөт. Аянты 90 миң *км*^{2}, орточо тереңд. 60 *м*, эң терең жери 330 *м* (Кандалакша булуңунун түн.-чыг. бөлүгү). Жээктери тик ж-а өтө тилмеленген, жар таштуу. Ири булуңдары: Мезень, Онега, Двина, Кандалакша; аралдары: Соловец, Моржовец, Мудьюг. А. д-ге Түн. Двина, Онега, Мезень ж. б. д-лар куят. А. д.— шельфтик деңиз, анын азыркы котловинасы — Балтика калканынын четки материктик депрессиясы. Климаты полярдык деңиздиктен мелүүн континенттүүлүккө чейин өзгөрөт. Көпчүлүк учурда туман басып турат. Жылдык жаан-чачындын саны түштүктөн (Онега, 529 *мм*) түн.-чыгышка (282 *мм*, Канин Тумшугу) карай азаят. Суунун үстүңкү катмарынын темп-расы жайында 6—15°С; кышында —0,5—1,7°С. Суунун тузд. түндүгүндө 30,0—30,8‰, түштүгүндө 20—26‰. Суу суткасына 2 жолу толкундайт, толкундун бийикт. 1,1—3,5 *м*, Мезень булуңунда 10 *м* ге жетет. Чарбалык мааниси бар балыктарга (навага, семга, треска ж. б.) бай. А. д-дин өлкөбүздө чет мамл-тер м-н байланышуудагы трансп. мааниси чоң. А. д-дин жээгинде Архангельск, Беломорск, Онега, Мезень, Кемь, Кандалакша, Умба порттору жайгашкан. А. д. Балтика деңизи м-н Ак деңиз — Балтика каналы аркылуу, Каспий ж-а Кара деңиздери м-н В. И. Ленин атн. Волга — Балтика канал аркылуу байланышат.

АК ДЕҢИЗ БҮКТӨЛҮҮСҮ — Балтика ж-а Украина калкандарындагы тоо тек катмарларынын эң байыркы бүктөлүүсү. Архей заманынын аягында (2500 млн. ж. мурда) бул жерлерде көп сандаган гранит интрузиялары көтөрүлүп чыгып, тоо тектер метаморфизмделип, ири бүктөлүүлөр пайда болгон.

АК ДЕҢИЗ — БАЛТИКА КАНАЛЫ — Ак деңизди Онега көлү м-н байланыштырып турган канал. 1-беш жылдыктын (1929—32) маанилүү курулуштарынын бири. СССР Эл Комиссарлар Советинин чечими м-н 1933-ж. 2-августта пайдаланууга берилген. Уз. 227 *км*. Скандинавия ж. а-ын айланып өтүүчү мурдагы Ленинград м-н Архангельск портторунун ортосундагы аралыкты 4000 *км* ге кыскартып, канал СССРдин европ. бөлүгүндөгү деңиздер м-н ички суу байланышын камсыз кылат. Каналдын чет жака р-ндорунда токой, целлюлоза-кагаз ө. ж-лары өнүгүп, Беломорск ш. негизги ө. ж. борборуна айланды; Медвежегорск, Сегежа ж-а Надоицы сыяктуу жаңы шаарлар курулду. Канал аркылуу карагай, ар түрдүү рудалар ж-а жер семирткичтер ташылат.

АК ЖАНА КЫЗЫЛ ГҮЛДӨРДҮН СОГУШУ (1455—85) — королдук плантагенеттер династиясынын эки тобунун — Ланкастерлердин (гербинде кызыл гүл) ж-а Йорктордун (гербинде ак гүл) ортосундагы король бийлиги үчүн Англиядагы феод. кликалардын узакка созулган ич ара согушу. Согуш вотчиналык ири чарба кризиске учурап, англичандар жүз жылдык согушта (1337—1453) жеңилип, Кед Жектин көтөрүлүшү талкаланган учурда (1450) башталат. Ланкастерлерди — экономикасы артта калган түндүктүн барондору, Йорктору экономикасы өнүккөн Түш.-Чыг. феодалдары ж-а феод. анархияны жок кылууну каалагандар колдогон. Согушта эки династия тең кыйрап, Ланкастерлердин алыс тууганы Генрих VII Тюдор король болуп, Англияда тюдорлордун чексиз бийлигин орнотот. Ич ара феод. согуштар, салыктардын оордугу, казынаны уурдоочулук, ири феодалдардын зомбулугу ж-а сооданын бузулушу элдин абалын өтө кыйынчылыкка учуратып, өлкөдө тап күрөшүн курчуткан.

АК ЖЕМ — алгыр кушту табында кармап туруу үчүн берилүүчү жем. Жаш этти жанчып, муздак сууга кан-сөлүн кетирип жасайт. Мүлүшкөрлөр аны шалап же жуумал деп да атайт.

АК ЖЕР («акталган жер» дегенден) (б е л ы е з е м л и) — 16—17-к-да орус мамл-деги гражд. ж-а диний феодалдардын жерлеринин мамлекетке чыгым төлөөдөн бошотулган бөлүгү. А. ж. 1591-ж-дагы закон б-ча белгиленген феодалдарга берилчү айрыкча укуктардын бири болгон. А. ж. *Москва көтөрүлүшүнөн (1648)* кийин «Соборное уложение» негизинде жок кылынган.

«АК ЖОЛ» газетасы 1920—25-ж. Ташкенде Түркстан Компартиясынын Борб. Комитетинин (1925—26-ж. Чымкенде ВКП(б)нин Сыр-Дарыя губкомунун) органы катары жумасына эки жолу казак тилинде чыгып турган. «А. ж.» 1925-ж-га чейин улутчулдардын таасиринде болуп, айрым идеялык-саясий каталар жиберген.

ВКП(б) БК м-н Казакстан КП БКнын өлуттуу сынынан кийин газета идеялык туура багытка түшкөн. «А. ждун» беттеринде кыргыз жаштарынын кабарлары, макалалары, адабий чыгармалары да жарыяланып турган.

«АК ЗЫЙНАТ» — кыргыздын оозеки чыгармачылыгындагы лирикалык обондуу ыр (аны 19-к-дын аягында комузчу, обончу Абдыракман чыгарган деген элде кеп бар). Элдик музыканын обону сөзүнө бап келип турган мыкты үлгүсү. Азыр ырдын текстинин 4 варианты бар. Анын эл арасына кеңири жайылып, кадыр-баркка ээ болушу Муса Баетовдун ырчылык ысмына байланыштуу.

Текст: Ала-Тоо таңшыйт, Фр., 1970, 18-б.

АК КАНАТ ТОҢКУЛДАК, к. *Тоңкулдактар.*

АК КЕБЕР КОЗУ КАРЫНДАР — Erysiphales тукумундагы баштыкчалуу козу карындар. Жипчелери көп клеткалуу ж-а көп ядролуу. Споралары баштыкчаларында өөрчүйт. Жапайы ж-а айдама өсүмдүктөрдүн жалбырактарында, сабактарында, мөмөлөрүндө, топ гүлдөрүндө ак кебер илдетин козгоп, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмүн төмөндөтөт. Өлкөбүздүн колхоз, совхоздорунда жыл сайын бул илдеттерди жоготуу үчүн алдын алуучу чаралар жүргүзүлөт.

АК КОЗУ КАРЫН (Boletus edulis) — базидиомицеттер классындагы желүүчү телпекчелүү козу карын. Ал дүмүрчөдөн ж-а телпекчеден турат. Жөнөкөй түзүлүштүү, башка өсүмдүктөрдөн тамыры, сабагы, жалбырагы жоктугу м-н айырмаланат. СССРдин карагайлуу ж. б. токойлорунда көп өсөт. Ак к. к-дар витаминдүү, жей турган козу карындардан.

АК КӨЗ ЧАБАК, к. *Чабактар.*

АК КӨЛ (Белое озеро) — РСФСРдин Вологда обл-нын батышындагы көл. В. И. Ленин ат. Волга—Балтика суу жолундагы Шексна суу сактагычынын бир бөлүгү. Уз. 46 *км*, туурасы 33 *км* ге чейин, тереңд. 5—6 *м*. Ири куймалары: Ковжа (кеме жүрөт), Кема, Мегра.

АК КӨПӨЛӨКТӨР (Pieridae) — курт-кумурскалар классындагы көпөлөктөр тукуму. А. к-түн 500 түрү белгилүү. СССРде 80ге жакыны жашайт. Жазында жалбырактын бетине жумурткаларын тууйт, алардан курт сымал түктүү кемиргич гусеницалары өөрчүйт. Гусеницалары а. ч. өсүмдүктөрүнүн ж-а мөмө-жемиш бактарынын жалбырактарына зыян келтирет. Кыргызстандын бардык р-ндорунда капустачы, шалгамчы, турупчу А. к-ү бар. Гусеницалары кайчы гүлдүүлөрдүн, көбүнчө капустанын, алма, алмурут, кара өрүк дарактарынын жалбырагын жейт. Бак-дарактын бутактарында жасаган уяларында кышташат. А. к-дү жок кылуу үчүн алардын кыштаган уяларын чогултуп өрттөшөт ж-а хим. уу заттарды чачышат.

АК КУЙРУК КАРА ЧУЛДУК (Tringa ochropus) — суу чулдуктар түркүмүнө кирүүчү канаттуу. Кара чыйырчыктан кичирээк, жон жагы кара; башында, мойнунда, жонунда ак тактары бар; бооруу, куйрук канаттары ак. Европада, Азияда кеңири таралган. Жайында Кыргызстандын Соң-Көл, Ат-Башы, Нарын, Ысык-Көл өрөөндөрүнөн көздешет, к. *Чулдуктар.*

АК КУУЛАР — каз түркүмүндөгү канаттуу, к. *Куулар.*

АК КЫЛКАН (Stipa) — дан өсүмдүктөр тукумунун уруусу, көп жылдык чөп. Чач тамырлуу, сабагы тик өсүп, ичке жалбырактары узатасынан ичин көздөй түрүлүп, нымды үнөмдөөгө ыңгайлашкан. Топ гүлү шыпыргыдай чачыраган, сейрек машакчалуу. Данынын түктүү кабыгы, узун кылканы болгондуктан, шамалда оңой учат. Ал жерге учтуу жагынан сайылып түшүп, кылканы нымдан чыйралган сайын топуракка кирет да, өсүп чыгат. А. к-дын жер шарында 300гө жакын түрү бар. СССРдин түш. р-ндорунда 80, республикабыздын бөксө тоо этектеринде ж-а өрөөндөрүндө 22 (тырса, кыргыз А. к. ж. б.) түрү өсөт. СССРде дың жерлерди өздөштүрүүгө байланыштуу А. к-дуу талаалардын аянттары азаюуда. А. к. өскөн жерлер жайыт катары да пайдаланылат, бирок ал баш алып, даны бышканда, мал жаюуга болбойт. Анын кылкандары малдын жүнүнө жабышып, терисине, андан этине кирип жабыркатат. Кыргыздар А. к-ды «кодоо» же «тулаң» деп да аташат.

АК КЫТАН (Egretta alba) — кытандар уруусуна кирген ири канаттуу, к. *Кытандар.*

«АК МӨӨР» — кыргыз оозеки поэзиясындагы айтылуу лирикалык поэма. Сюжеттик уюткусу тарыхый чындыктан алынган. Каармандары (Ак Мөөр, Болот, Жантай ж. б.) 19-кылымда жашаган реалдуу адамдар экени белгилүү. Бирок турмуштагы фактылар элдин правалык-эстет. идеалына ж-а көркөм чыгармачылыктын талаптарына жараша өзгөрүп, көркөм аң-сезиминде кайрадан жаралып, адегенде жөнөкөй уламыш катары жашап, кийинчерээк гана поэтикалык чыгармага айланган деп болжоого негиз бар. Башкы каармандары Ак Мөөр м-н Болот — карапайым калктын өкүлдөрү. Алар бирин бири чын пейилден жакшы көрөт, баш кошуп өмүр сүрсөк деген тилекте жүрүшөт, бирок картаң манап Жантай Мөөрдү зордоп алып кетип, эки жаштын ак сүйүүсүн трагедиялуу абалга дуушар кылат. Мындай зордук кыргыздын рев-яга чейинки коомдук турмушу үчүн типтүү болгон. «Ак М.» — өткөн кылымдагы махабат трагедиясы ж-дө баяндаган, социалдык теңсиздикти айыптаган поэтикалык чыгарма. Анын эл арасына кеңири тараганы да бир чети ушуга байланыштуу. Кырг. ССР ИАнын Тил, адабият ин-тунун кол жазмалар фондусунда поэманын 7 варианты бар. Алгачкы варианты 1923-ж., соңку 1965-ж. жазылып алынган. Варианттардын баарында негизги сюжеттик линия сакталса да, айрым сюжеттик мотивдер башка-башка берилет. Варианттардын көпчүлүгү көлөм жагынан чакан: 222—575 аралыгындагы ыр сабынан турат, К. Акыевдики гана көлөмдүү — 4200 сап ыр. Поэма негизинен элдик көз караштарды чагылдырат, анткени м-н кээ бир варианттарга айтуучулардын тарыхый жактан чектелгендиги да аздыр-көптүр из калтырган. «Ак М-дүн» сюжеттик мотивдеринин негизинде А. Осмонов «Ак Мөөр» драмасын, С. Эралиев «Ак Мөөр» поэмасын, А. Токтомушов «Болот менен Мөөр» поэмасын, У. Абдукаимов «Айша ж-а Айдар» операсынын либреттосун, кинорежиссёр М. Убукеев «Ак Мөөр» телефильмин жараткан.

Ад.: Ак Мөөр, Фр., 1971.

АК МЫЯ — чанактуулар тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. Сабагы жоон, тамыры узун; гүлү ак, көгүш, кызгылт же сары. Уругу майда, уулуу, кермек даамдуу болот. Жер тандабай чыга берет. Ак м.— зыяндуу отоо чөп. СССРде Ак м-нын 5 түрү бар. Ак м. Кыргызстанда да өсөт. Ага каршы күрөшүү чаралары: Ак м-нын даны быша электе чаап салуу, үрөндү тазалоо.

АК НИЕТТҮҮЛҮК — адамдагы таза ниет, баалуу моралдык касиетти билдирген этиканын бир түшүнүгү. Ар бир коомдун Ак. н. ж-дө өзүнчө түшүнүгү бар. Кулчулук ж-а феод. коомдо үстөмдүк кылуучу таптар Ак. н-тү өздөрүнө гана мүнөздүү касиет деп түшүнүшкөн. Буржуазия болсо пайда табууну, бирөөлөрдүн эсебинен жашоону Ак. н. деп эсептейт. Эмгекчи калк ар дайым Ак. н. касиеттерин булгабай таза сактоого умтулат. Соц. коомдо Ак. н. жаңы адамдын моралдык сапатын мүнөздөйт. Ак. н. туулгандан эле пайда болбойт, коомдун өнүгүшүнө ылайык ар бир адамдын тарбия алуу, окуу ж-а эмгектенүү процессинде калыптанат.

АК ОРДО — Алтын Ордонун эки канатынын бири; аны *Жучинин* уулу *Батый* ж-а анын укум-тукумдары, экинчисин Жучинин дагы бир уулу Ордо-Ежен башкарган. «Алтын Ордо» деген Батый бийлеген мезгилден тартып Жучинин бардык улустарында айтылган. 14-к-дын башынан ал сөз Батый улусуна ж-а анын бир туугандарынын *Берке* (Түн.-Чыг. Кавказ), Шибана (азыркы Казахстан ж-а Бат. Сибирь), Мовал (Кара деңиздин бойлору) улустары кирип, А. О-го тиешелүү айтылып калган. 15-к-да А. О-нун терр-ясында Алтын Ордонун мурасчылары болгон бир нече жаңы мамл. *Чоң ордо, Ногой ордосу,* Өзбек, Казан, Сибирь, Крым ж. б. хандыктары түзүлгөн.

АК РАСА — европеоид расасынын шарттуу ж-а эски аты, к. *Европеоид расасы.*

АК САРЫ БАШЫЛ — ырымчыл адамдар өз башына оор иш түшкөндө (көбүнчө кыйып оору, кырсык ж. б.) же сүйүнгөндө, тилек тилеп кудай жолуна аталчу мал. «Тилек» орундалса, аталган мал союлуп, түлөө өткөрүлгөн. А. с. б. адеп чыкканда, мындай жандыктын өңү ак, боз болгон, бара-бара анын түсү ылганбай калган. Бул түшүнүк адамдар табияттын сырларын биле электе чыгып, пайдасыз ырымга айланган. Азыр ал тарыхтын эпчиси гана болуп калды.

АК СЕРКЕ, а л а д ө ң — кымыз, айран же эзилген сүзмө кошулган сорпо. А. с. тамак сиңимдүү болсун үчүн ж-а суусун катарында *«беш бармактан»* кийин ичилет. А. с.— кыргыздын улуттук тамактарынын бири.

АК СОКТО (Dactylis) — дан өсүмдүктөр тукумунун уруусу. Көп жылдык чөп өсүмдүк. Сейрек түптүү, кыска тамыр сабактуу ж-а чачы тамырлуу, жалбырактары көп, жазы ж-а узун, бийикт. 1—1,5 *м*. Машакчалары шыпыргыдай топ гүлдүн бутакчаларына топтолушуп жайгашкан. А. с-нун жер шарында 5 түрү бар. СССРдин европ. бөлүгүндө, Кавказда, Сибирде, О. Азияда экөө, анын бирөө D. glomerata — Кыргызстандын жайыттарында кездешүүчү эң баалуу ж-а жакшы алысындоочу тоют өсүмдүгү. Өрөөндөрдөн тартып 2500 *м* бийиктикке чейинки нымдуу жерлерге А. с-ну чабынды чөп катары өстүрүүгө болот.

«АК ТЕРЕК, КӨК ТЕРЕК» — кыргыздын элдик оюндарынын бир түрү. Бул оюнга катышуучулар 2 топко бөлүнүшөт да, 15—20 *м* алыстыкта кыркалай кол кармашып бири-бирине бетме бет турушат. Оюнду баштаган жактан бирөө: «ак терек, көк терек, бизден сизге ким керек?!» — дейт. Экинчи тараптан бирөө «бизге баланча керек!»,— деп каалаган кишисинин атын айтат. Ал адам катуу чуркап келип, чакырган тараптын катарынын бир жеринен жарып өтүп, бөлүнүп калган жагын өз тарабына алып кетет. Эгерде ал кармашып тургандарды бөлүп кете албаса, ошол тарапта жеңилген катары калат. Мындай чакыруу кезек м-н улам бир тараптан болуп турат. Кайсы тарап өнөктөрүн алдырып бүтсө, ал жак утулган болот. Бул оюн жаштар көңүл ачууда, денесин чыңдоодо өзүнчө мааниге ээ.

«АК ТОКТУ» — кыргыздын кыл кыяк күүлөрүнүн бири. Күүдө кедейдин жалгыз ак токтусун карышкыр жеп кеткенге байланыштуу кыймыл-аракеттер, дабыштар, көрүнүштөр муз. имитация (тууроо) түрүндө туюнтулат.

АК ҮЙ — АКШ президентинин резиденциясы ж-а канцеляриясы (1800). Вашингтондун ортосунда. 1792—1829-ж. классицизм стилинде курулган (арх. Дж. Хобан, Б. Латроб). Президент башында турган АКШ өкмөтүн да «А. ү.» деп аташат.

АК ЧАРДАК — чардактар түркүмүнө кирүүчү куш, к. *Чардактар.*

АК ЧИЛ (lagopus, lagopus) — тооктор түркүмүндөгү каракурлар тукумунун бир түрү. Денесинин уз. 35—38 *см*, салм. 400—870 *г*. Шыйрагы тырмагына чейин түктүү. Мекиянын жылына— 3, корозу 4 түлөйт. Ак ч-дер кышында ак, жайында саргыч же бозомук түс алып, жыл мезгилине жараша (жан сактоого ылайыкташып) кубулуп кетет. Европанын, Азиянын түн. бөлүгүндө ж-а Түн. Америкада, СССРде: Бат. Сибирде, Казакстанда таралган. Мекияны 8—12 жумуртка тууйт. Ак ч-дер өсүмдүктөрдүн уруктарын, гүлдөрүн д. у. с-ды жейт. Ак ч-ге аңчылык кылынат, к. *Чилдер.*

АК ЧӨЛМӨК, а к а ч ө ө л — кыргыз эл оюну; демейде түн ичинде ойнолот. Узундугу сөөмчө келген ак сөөк (бодонун шыйбылчагын) же жонулган жыгач А. ч. деп аталат. Ойноо тартиби: жаштар 2 топко бөлүнөт. Тандалып алынган түз аянттын бир четине А. ч. ыргытчу мара белгиленет. Ыргытылган А. ч-түн кайсы жерге түшкөнүн баамдоого 2 жак тең даяр турушат, түшөөр замат ал жакка бардыгы жапырт чуркашат. Максат — А. ч-тү биринчи таап, каршы жакка тарттырып жибербей, буйтай качып, же жазгырып, өнөктөрүнүн бирине бере салып марага алып келүү. А. ч-тү алып келген жак кайра ыргытат. А. ч.— жаштарды шайдооттукка, ийкемдүүлүккө, кыраакылыкка тарбиялоочу элдик оюндардын бири.

АК ЧУҢКУР — неолит мезгилиндеги адамдар жашаган үңкүр. Ысык-Көл обл-дагы Сары-Жаз суусунун жээгиндеги аки таш тектүү асканын боорунда. Үңкүрдүн ичи кең, бийикт. 2—4 *м*, уз. 40 *м*. Үңкүрдүн беттеринде текелердин, жыландардын жошо м-н тартылган сүрөттөрү, о. эле кийинчерээк түшүрүлгөн белгилер (несториан кресты, тамга м-н жазуулар) бар. Үңкүрдөн текенин калдык мүйүзү табылып, анын көңдөйүндө байыркы жошо жакшы сакталып калган. Табылгалардын арасында жаныбарлардын сөөк-саагы, адам сомдоп жасаган таштар да бар.

Ад.: Кыргыз ССР тарыхы, т. 1, Фр., 1973; О к л а д н и к о в А. П., Р а ц е к В. И., Следы древней культуры в пещерах Тянь-Шаня. «Известия ВГО» т. 86, вып. 5, 1954; Ю н у с а л и е в Б. М., В глубь тысячилетий по долинам Киргизстана, Фр., 1970.

АК ШААР — Москваны коргоонун 3-алкагы аталган чеп курулуштары; бир жагы Кремль ж-а Китай-шаар, м-н, экинчи жагы азыркы Бульварлар шакекчеси м-н чектелген, аянты 533 *га* болгон. Тышкы душмандардын чабуулунан коргонуу максатында Ак ш-ды курчай терең аң казылып, топурактан туурасы 6,5 *м* келген тосмо курулган. 1585—1593-ж-да орус арх. Федор Кондун жетекчилиги м-н ал тосмонун ордуна таш дубал тургузулуп, ал 200 жылга жакын турган. 18-к-дын 2-жарымында таш дубалды бузуп, анын ордуна бак отургузулган, акыры азыркы Бульварлар тегерек аянты болуп калган.

АК ШЫБАК (Seriphidium) — татаал гүлдүүлөр тукумуна кирүүчү шыбактын уруучасы. Бул уруучанын түрлөрү агыш бозомтук түктүүлүгү, гүл корзинкасынын түзүлүшү м-н башкаларынан айырмаланат. Жалбырактары ичке бөлүкчөлөргө бөлүнгөн. Корзинкасындагы гүлдөрү окшош түтүкчө түрүндө, эки жыныстуу. Көп сандаган корзинкалары шыпыргы же машакча-шыпыргы сыяктанган топ гүлдү түзөт. Корзинкасынын сыртынан каптаган жалбыракчалары 3—6 катар болуп жайланышкан. А. ш-тын тамыры жерге терең сүңгүйт, сабагы түктүү, жайкы ысыкта азыраак, күзүндө көбүрөөк бутактанат, гүлү ачыла электе чаңдашып, кеч гүлдөйт, уругу кеч бышат. Мунун баары анын кургакчылыкта жакшы өсүшүнө мүмкүнчүлүк берет. Жер Ортолук деңизинин аймагында ж-а Борб. Азияда 100дөн ашуун, СССРде 58, Кыргызстанда 23 түрү кезигет. Республикабыздын тоо этектеринде, бөксө тоолорунун күңгөй беттеринде ж-а талаа жерлеринде өсөт. А. ш-тын кеңири тараган түрү — мала гүлдүү Ак ш. (A. rhodantha) ж-а тянь-шань шыбагы (A. transchania). Кышка жуук башка тоют өсүмдүктөрүнө караганда, шыбактарда белок м-н май арбын болот. Иле шыбагында (A. transilieneis ж. б.) бул заттардан башка сантонин бар, ал ичегидеги *мите курттарды* жок кылуу үчүн колдонулат. А. ш-та эфир майы, кай биринде алкалоиддер бар. Жалпы шыбактардын, о. эле А. ш-тын чарбачылыкта мааниси өтө чоң, алар тоют ж-а *дары өсүмдүктөрү* катары кеңири пайдаланылат.

АК ЫР, к. *Эркин ыр.*

АКАДЕМИК — СССР ИАнын, союздук респ-калардын ИАларынын ж-а айрым тармактык ИАлардын анык мүчөсү (академиги). Академиянын анык мүчөлүгүнө кандидаттар ил. мекемелер, коомдук уюмдар ж-а ил. кызматкерлер тарабынан сунуш кылынат. Алар академиянын жалпы чогулушунда шайланат. СССР ИАда ардактуу А., чет элдик мүчө, союздук респ-калардын ИАларында ардактуу мүчө деген наам бар. А. наамы айрым соц. мамл-тердин академияларында да колдонулат.

АКАДЕМИЯ — илимий коомдор, мекемелер ж-а окуу жайларынын аты. Б. з. ч. 4-к-да Платон өз шакирттерине лекция окуган Афиныга жакын жерге гректердин мифтик баатыры Академанын аты коюлган. «А.» деген сөз ошондон чыккан. Эллинизм доорунда, о. кылымда А-га окшош бир топ ил. коомдор пайда болот. Ил. борбор катарында А-лар 17-к-дан баштап Лондондо (1660), Парижде (1666), Берлинде (1700), Петербургда (1724) уюштурулган (к. *СССР илимдер академиясы).* Көпчүлүк мамлекеттерде түрдүү адистеги илимпоздорду бириктирүүчү комплекстүү ж-а илимдин белгилүү бир тармагына адистештирилген ИАлар бар. СССР ИА — бардык ил. мекемелердин ишин координациялап, башкарып туруучу мамл.

ил. негизги борбор. Союздук респ-калардын ИАлары, тармактык А-лар (СССР а. ч., мед., пед., сүрөт) бар. Кээ бир аскердик ж-а айрым чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары, коомдук агартуу уюмдары да А. деп аталат.

АКАДЕМИЯЛЫК БОРБОР — Кыргызстанда бардык ил. из. иштерине жетекчилик кылуу үчүн Кара Кыргыз АОнун Ревкомунун Президиумунун 1924-ж. 20-декабрдагы токтому м-н уюштурулган орган (бир аз убакыт ал Илимий комиссия деп аталган). Кыргыз мектептери үчүн окуу китептерин ж-а куралдарын түзүү, окуу пландарын ж-а программаларын, инструкцияларды, жоболорду, методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу А. б-дун башкы милдети болгон. Мындан тышкары ал областтагы илимий коомдор м-н илимий мекемелердин иштерин координациялап, жалпы изилдөө иштерин пландаштырган. А. б-дун алдында терминологиялык комиссия, методикалык бюро ж-а музей иштеп, тарыхый, маданий, табигый эстеликтерди сактоо б-ча совет иштеген. Кыргызстан край таануу илим изилдөө институту уюшулганга чейин (1928-ж. октябрь), А. б. маданий курулуштун актуалдуу, татаал ж-а ар түрдүү маселелерин чечүүдө зор роль ойноп, кыргыз тилинде жазуунун араб алфавитинен латын алфавитине өтүү маселелери, окуу китептерин түзүү, кыргыз тилинин терминологиясын иштеп чыгуу, эл оозеки чыгармаларын ж-а тарыхый материалдарды жыйноо, алардын айрымдарын басып чыгаруу, байыркы эстеликтерди эсепке алып, аларды сактоо ж. б. б-ча көп иштерди жүргүзгөн.

АКАДЕМИЯЛЫК ЖЫЛ — жогорку окуу жайларында окуу жылы башталгандан аяктаганга (адатта күздөн келерки жайга) чейинки мезгил аралыгы. Ал СССРдин бардык окуу жайлары үчүн кабыл алынган *окуу жылы* деген терминге дал келип, дүйнөнүн бир топ өлкөлөрүндө колдонулат.

АКАДЕМИЯЛЫК СААТ — лекция же сабак үчүн белгиленген убакыт өлчөмү. Мектептеги, жогорку окуу жайларындагы А. с. өлчөмү 45 *мин.*

АКАДЕМИЯЛЫК ТЕАТР — СССРде ири, чыгаан театрларга берилип турган наам. Ал чыгармачылык жагынан ийгиликтерге жетишип, мыкты артисттерди өстүрүп чыгарып, көрүүчүлөр м-н театр жүргүзүлүгүн ыраазы кылган спектаклдер койгон театрларга берилет. Окт. рев-ясынан кийин (1919) А. т. наамы Ленинград м-н Москванын алдыңкы театрларына берилө баштаган. 50—60-ж-дарда союздаш респ-калардын айрым театрларына А. т. наамы ыйгарылды. Кыргызстанда опера ж-а балет театрына (1959), кыргыз драма театрына (1971) А. т. наамы берилди.

АКАЕВ Кубаныч (7. 9. 1919-ж. т., Кемин р-ну, Кызыл-Суу кыш.) — кыргыз совет акыны. 1947-ж-дан КПССтин мүчөсү. Фрунзедеги мугалимдер ин-тун бүтүргөн (1940). 1940—60-ж. респ. мезгилдүү басма сөз органдарында ж-а басмаларда иштеп келген. 1965-ж-дан бери СССР адабий фондусунун Кыргызстандагы бөлүмүнүн директору. 1938-ж-дан тартып ырлары респ. газета-журналдарга жарыялана баштайт. Жыйнактары: «Жылаажын» (1941), «Тоо ыры» (1942), «Салют» (1943), «Эмгек шаңы» (1950), «Бакыт жөнүндө баян» (1945), «Сүйүү жана мара» (1958), «Бакыт гимни» (1960), «Өлбөстөр баяны» (1964), «Турмуш дастаны» (1967), «Кыял канаты» (1971), «Ырым — адам» (1972) ж. б. А-дин поэзиясына граждандуулук публицистикалык пафос мүнөздүү. А-дин бир нече жыйнактары орусчага которулуп басылган. А. поэзиянын котормочусу катары да белгилүү. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АКАК КИСЛОТАСЫ ($HOOC—CH_2—$ $—CH_2—COOH$) — эки негиздүү орг. кислота. Эрүү t 185°C, түссүз кристалл. Жогорку темп-рада (235°C) суу бөлүп чыгарып, акак ангидридине айланат. Суу м-н спиртте эрийт. А. к. жаратылыштагы акак чайырында, күрөң көмүрдө, өсүмдүктөрдө кездешет. Ө. ж-ларда малеин ангидридин же фумар к-тасын гидриддеөдөн алынат. Ал кээ бир *пластмассаларды, полиэфир чайырларын, боёкторду,* дары заттарды, *инсектициддерди* алууда ж-а аналит. химияда колдонулат.

АКАК ТАШ, акак — минерал, *халцедондун* бир түрү. Хим. формуласы SiO_2. Өңү кызыл сары, кызгылт сары. Негизинен эффузив тоо тектеринин көңдөйчөлөрүндө ж-а жаракаларында болот. Янтарь ж-а кээ бир тунук асыл таштар да (көбүнчө ак түстөгүлөрү) акак деп аталган. Зергерлик иште колдонулуучу 3-класстагы кымбат баалуу асыл таш. Өткөн замашда кыргыз аялдары А. т. м-н шакек, билерик, чач учтуктарын кооздотушуп, А. т-тан сөйкө, шуру, седеп, топчулар жасатышкан.

АК-АЛА-ТАШ КЕНИ — Кыргызстандагы цементтик акиташ теги чыгуучу жер. Кант ш. т. ж-нан 18—20 *км* түн. тарапта, Чүй суусунун оң жээгинде. 1932-ж. Фрунзе шааркомунун геол. чалгындоо партиясы ачып, 1957—59- ж-а 1967—68-жылдары Кырг. ССР геол. башкармасы геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кең аймагында ордовик мезгилинин аягында пайда болгон акиташ теги, кумдук ж-а сланец тоо тектери жатат. Цементтик сырьёго жарамдуу акиташ теги катмарларынын калыңд. 150—200 *м*, уз. 2,2 *км*. Кендин запасы 161,8 млн. т. Кен 1964-жылдан баштап карьер түрүндө казылып, андан Кант шифер-цемент комбинатында «400», «500» маркасындагы цемент даярдалат.

АКАРОЗ, кычыткылуу котур — малдын терисин кычыштырган сезгенме оноокот дарт, к. *Котур*.

«АКАХАТА» («Кызыл туу») — газета, Япониянын компартиясынын борб. органы. 1928-ж-дан чыгат. 2-дүйнөлүк согушка чейин «Сэкки» деген наамда жашырын чыгып, 1945-ж. 5-декабрдан «Акахата» атын алган. Бир нече жолу куугунтук тартып, репрессияга учураган. АКШнын оккупациялык бийлиги 1950—52-ж-да жаап койгон. 1959-ж-дан жекшемби күнкү саны 1 млн-дон ашуун тираж м-н басылып чыгат.

АКАЦИЯ (Acacia) — мимозо тукумунун уруусу, бадал ж-а дарак өсүмдүк. Жуп жалбыракчалуу, бир же көп жыныстуу, гүлү ак, кооз, жыпар жыттуу. Мөмөсү — чанак. А-нын 500гө жакын түрү бар. Жер шарынын тропик ж-а субтропик р-ндорунда (айрыкча Африкада, Австралияда ж-а Аравияда) кеңири таралган. СССРдин Кара деңиз жээктеринде өсөт. Чыныгы А. Кыргызстанда жок. А-нын чарбалык мааниси чоң. Кай бир түрлөрүнөн гумми-арабик (камед) заты алынып — медицинада, айрымдары таниддерге бай келип, булгаары ийлөөдө колдонулат, сапаттуу сөңгөгү мебель, кагаз жасоодо керектелет.

АКБАЕВ Абды (5. 11. 1928-ж. т., Кемин р-ну) — химия илимдеринин кандидаты (1962), Кырг. ССР ИАнын Орг. химия ин-тунун ст. илимий кызматкери, Кырг. ССРинин эмгек сиңирген ойлоп чыгуучусу (1969). Кырг. ССРинин илим б-ча Мамл. сыйлыгынын лауреаты (1973). 1967-ж-дан КПССтин мүчөсү. 1948-ж. Фрунзедеги педин-тту бүтүрүп, 1954-ж-га чейин орто мектепте химия мугалим болуп иштейт. 1954-ж-дан аспирант, андан кийин илимий кызматкер. А-дин 70ке жакын илимий эмгеги, 27 автордук күбөлүгү, бир монографиясы бар. Ал бир нече жаңы бирикмени синтездеп алган. Алардын ичинен «КММН» (Карбонатно-мышьяковокислая меди и натрия) препараты өндүрүшкө киргизилип, республикабыздын мал чарбачылыгына пайдасын тийгизип жатат.

АК-БАЙТАЛ — Чыг. Памирдеги ашуу. Сары-Көл ж-а Муз-Көл кырка тоолору кошулган жердеги бел (Таж. ССРи). Бийикт. 4655 *м*. Ашуу аркылуу Фергана өрөөнүн Тоолуу Бадахшан АОсу м-н байланыштыруучу Ош — Хорог шоссе жолу өтөт.

АКБАР ЖЕЛАЛ-АД-ДИН (1542—1605) — Индиядагы Могол империясы башкаруучу (1556-ж-дан). Могол династиясынын бийлигин бекемдеп, согуштар м-н империянын чегин кеңейткен. Ички саясатында ал алдынча бейбаш деген феодалдарга каршы күрөшкөн, мусулман феодалдардын (кызылбаштардын) бийлигин чектеп, индус төбөлдөрүн өз тарабына тартууга, мамл. чоң кызматтарга көтөрүүгө аракет кылган. Ар кайсы (ислам, индуизм, парсизм, жайнизм) диндердин негизинде жаңы дин («Дин-и илахи») киргизип, өзүн ага башчы деп жарыялаган. А. таанымал мамл. ишмер, жөндөмдүү кол башчы, кат тааныбаса да, билимге ынтызар киши болгон.

АК-БАШАТ — Калинин р-нундагы Ново-Николаевка сельсоветине караштуу кыштак. Ильич атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Калининден 11 *км* түн.-чыг. тарапта, Кара-Балта т. ж. станциясынан 11 *км*. Калкы 1061 (1974). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

АК-БАШАТ — Москва р-нундагы Ак-Суу сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Беловодскийден 20 *км* түн. тарапта, Беловодский т. ж. станциясынан 24 *км*. Калкы 647 (1971). Башталгыч мектеп, клуб, китепкана бар.

АК-БЕЙИТ — Ат-Башы кырка тоосунун бат. урчугу м-н Арпанын Ала-Тоосунун (Масеил) ортосундагы ашуу. Бийикт. 3460 *м*, Кара-Коюн (Ат-Башы) өрөөнүн Арпа м-н туташтырып турат. Ашуу аркылуу Фрунзе — Торугарт шоссе жолу өтөт. Ашууга жакын жердеги күмбөздүн атынан коюлган.

АК-БЕКЕТ — Кемин р-нундагы Кызыл Октябрь поссоветине караштуу кыштак. «Кызыл Октябрь» с-зунун аймагында. Райондун борбору Быстровкадан 10 *км* бат. тарапта, Фрунзе — Рыбачье шоссе жолунун боюнда. Калкы 761 (1970). Райондук «Сельхозтехника» бирикмеси, иттерди үйрөтүү б-ча мамл. питомник, сегиз жылдык мектеп, китепкана ж-а медпункт бар.

АК-БЕШИМ — ири шаар урандысы. Токмок ш-нын түштүгүндө (8 *км*). Топогр. структурасы жагынан алгачкы о. кылымдагы Түн. Кыргызстан үчүн мүнөздүү шаар. Шаардын обочо



Ак-Бешим. 6—8-к.
1. Сырткы көрүнүшү (реконструкция); 2. Планы.

курулган коргонуу системасынын чеби, борб. бөлүгү, топ-топ болуп жайгашкан курулуштары бар чоң аймагы болгон. Курулуштарынын калдыктары белгисиз, бирок узун дубалдар м-н курчалган бир нече участогу калган. Урандыларды казганда табылган (1941—1956) турак жай курулуштарынын калдыктары (6—8-к.) буддалык храмдар (7—8-к.), христиандык чиркөө (8-к.), тиричилик шаймандары, тыйындар, иск-во предметтери (скульптура, алтын жалатылып кооздолгон металл буюмдар), архит. тетиктер шаардын 6-к-дан 12-к-га чейин болгондугун далилдейт. А.-Б-ди Карахандар мамл-нин борбору Баласагун ш. болуш керек деген болжолдоолор (В. В. Бартольд, А. Н. Бернштам) бар.

Ад.: Кызласов Л. Р., Раскопки на городище Ак-Бешим, Труды киргизской комплексной археолого-этнографической экспедиции, т. II, М., 1959; Кожемяко П. Н., Раннне средневековые города и поселения Чуйской долины, Фр., 1959.

АК-БЕШИМ — Чүй р-нундагы Ак-Бешим сельсоветине караштуу кыштак. Ак-Бешим к-зунун аймагында. Райондун борбору Старо-Покровкадан 5 *км* түш.-бат. тарапта. Токмок т. ж. станциясынан 5,5 *км*. Калкы 661 (1974). Орто мектеп, медпункт, китепкана бар.

АК-БОСОГО — Ош обл-нын Алай р-нундагы Үч-Дөбө сельсоветине караштуу кыштак. «Алай» с-зунун аймагында, Алай кырка тоосундагы Талдык ашуусунун этегинде, Ош — Хорог шоссе жолунун боюнда. Райондун борбору Гүлчөдөн 80 *км* түш. тарапта, Ош т. ж. станциясынан 160 *км*. Калкы 862 (1972). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

АК-БУЛАК — Ысык-Көл обл-нын Түп р-нуна караштуу шаар тибиндеги посёлок. Ысык-Көл өрөөнүнүн түн.-чыгышында, Күңгөй Ала-Toocyнун түш. этегинде, Рыбачье т. ж. станциясынан 176 *км* чыгышта, Пржевальск ш-нан 33 *км* түн.-бат. тарапта. Калкы 3,5 миң (1971). А.-Б. пос-да респ-кадагы ири ишканалардын бири — Күрмөнтү цемент з-ду иштейт. Орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө мекемелери бар.

АК-БУЛАК — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы Ак-Булак сельсоветине караштуу кыштак. «Кызыл-Кыя» с-зунун борбору. Райондун борбору Эски-Ноокаттан 45 *км* бат., Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 3 *км* чыг. тарапта жайгашкан. Калкы 1664 (1974). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

АК-БУЛАК — Ысык-Көл обл-нын Ак-Суу р-нундагы Ак-Булуң сельсоветине караштуу кыштак. «Түргөн» с-зунун аймагында. Райондун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 33 *км* чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 256 *км*. Пржевальскинин чыгышында жайгашкан. Калкы 1324 (1971). Сегиз жылдык мектеп, оорукана бар.

АК-БУЛАК — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Кызыл-Туу сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Сузактан 20 *км* түн. тарапта, Жалал-Абад ш-нан 20 *км*. Ачы суусунун боюнда жайгашкан. Калкы 517 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.



А. Акбаев.



Акбар Желаль-ад-дин.

АК-БУЛУҢ — Ысык-Көл обл-нын Ак-Суу р-нундагы Ак-Булуң сельсоветине караштуу кыштак. «Түргөн» с-зунун аймагында. Райондун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 35 *км* чыг. тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 257 *км*, Пржевальскинин чыгышында жайгашкан. Калкы 1386 (1971). Орто мектеп, китепкана ж-а оорукана бар.

АК-БУУРА — Ош обл-дагы суу, Кара-Дарыянын сол куймасы. Уз. 136 *км*, алабынын аянты 2540 $км^2$. Алай тоо тизмегинен башталат. Ош ш-н тең жарып агат. Жогорку агымы — Кичи-Алай, ортоңкусу Турук деп аталат. Оң куймалары: Челкилдек, Кырк-Кичик, Талды-Булак, Кош-Мойнок; сол куймалары: Жибтик-Суу, Чугам, Талды-Булак. Апрелде кирип, сентябрда тартылат. Жылдык орточо чыгымы 21,4 $м^3/сек$, эң көбү 331 $м^3/сек$, эң азы 6,25 $м^3/сек$. Кар, мөңгү, жаан-чачын сууларынан ж-а булактардан куралат. Негизинен сугатка пайдаланылат. Ош ш-н суу м-н камсыз кылат. Жээгинде Төлөйкөн, Турук, Папан ж. б. кыштактар бар.

АК-БУУРА КАПЧЫГАЙЫ — Кичи-Алай кырка тоосунун чыгышындагы каньон түрүндөгү капчыгай. Капчыгай Ош-Кара-Суу түздүгү м-н Папан өрөөнүнүн аралыгында 20 *км* созулуп жатат. Тереңд. 1000 *м*, туурасы 0,5—2 *км*, эң кууш жери 150—200 *м*. Палеозойдун акиташ тектеринен түзүлгөн. Капталдарынын тиктиги төмөнкү бөлүгүндө 40—70°, жогор жагында 20—30°. Сейрек бадалдар өсөт. Капчыгай аркылуу Ак-Буура суусу агат.

АКВАЛАНГ (лат. aqua — суу, англ. lung — жеңил) — адамдын суу алдында дем алышы үчүн кысылган абаны баллондордон автоматтык түрдө берип туруучу аппарат. А-ды 1943-ж. франц. изилдөөчүлөр Ж. И. Кусто ж-а Э. Ганьян ойлоп чыгарган. А. суу алдындагы спортто, чөгүп бараткандарга жардам берүүдө ж-а суу алдында изилдөө жумуштарында кеңири колдонулат. Бирок адам дем алганда, кысылган азот талыкшытчу таасир тийгизгендиктен, аны м-н 40 *м* тереңдиктен ары түшүүгө болбойт.



Акваланг: *1* — томого; *2* — белбоо; *3* — сыгылган аба толтурулган баллон; *4* — дем алдыруучу автомат.

АКВАМАРИН (лат. aqua marina — деңиз суусу) — минерал, *берилдин* бир түрү. Көгүлтүр, көк жашыл ж. б. түстөгү тунук кристаллдар түрүндө болот. Сапаттуу А. пегматит ж-а грейзен кендеринен алынат. Зергерлик буюмдарды жасоодо колдонулуучу 2-класстагы кымбат баалуу асыл таш. Кыргызстанда Талас кырка тоосунда (Күмүштаг) ж. б. жерлерде табылган, к. *Берилл*.

АКВАМЕТРИЯ (лат. aqua — суу, гр. metréō — өлчөйм) — ар түрдүү заттардын составындагы суунун көлөмүн аныктоо методу.

АКВАНИТ — жардыруу жумуштарында кеңири колдонулуучу жарылуучу заттардын негизги түрлөрүнүн бири. А-тин башка жарылуучу заттардан (аммонит, аммонал, динамит ж. б.) бир топ өзгөчөлүгү ж-а артыкчылыгы бар. Ал артыкчылыктары: 1) составы эң жөнөкөй болгондуктан, аны керектөөчү ишканanын өзүндө эле даярдоого мүмкүн; 2) суюк ж-а камыр өңдүү коюу кылып, түрдүү каспетте даярдоого болот; 3) тыгыздыгы абдан жогору (1,5—1,7 *г/см³*) болгондуктан, жарылганда, башка эң күчтүү жарылуучу заттардан кем калышпагандай жарылуу таасирин берет. А-тин бул өзгөчөлүктөрү жардыруу иштерин бир кыйла жеңилдетет.

АКВАРЕЛЬ (фр. aquarelle, итал. acquerello, лат. aqua — суу) — суугa эзилe турган боёк, о. э. боёк м-н тартылган живопись. Тунук эмес ак боёк аралаштырылган А. м-н тартылган живопись античный доордо Байыркы Египетте, о. кылымда Европа м-н Азияда белгилүү болгон. Таза А. 15-кдын башында кеңири пайдаланыла баштайт. А. боёгу тунук ж-а сүрөтүнүн өңү тазалыгы м-н айырмаланат. 19-к-да көптөгөн өлкөлөрдүн ж-а атайын сүрөт окуу жайларынын сүрөтчүлөрү (Э. Делакруа, О. Домье, П. Гаварни, А. Менцель, И. Е. Репин, В. И. Суриков, М. А. Врубель) көбүнчө А. жанрына кайрылышкан. Көпчүлүк сүрөтчүлөрдүн А. м-н тартылган картиналары май боёгуна караганда сүрөттөөнүн кызыктуулугу, дааналыгы, жаңылыгы м-н өзгөчөлөнөт. Кыргызстандын сүрөт иск-восунда акварель жанры да жакшы өнүгүп жатат. Буга М. Өмүркуловдун «Студенттердин Москвадагы Бүткүл дүйнөлүк 6-фестивалынын делегаты», А. Н. Михалевдин «Тянь-Шань боюнча» акварель циклдери, А. С. Осташевдин «Москва алдында», Р. Нуделдин «Кыргызстан бакчалары» ж. б. чыгармалар мисал.

АКВАРИУМ (лат. aquarium, aqua — суу) — суу жаныбарларын ж-а өсүмдүктөрүн өстүрүүгө ыңгайланып жасалган идиш. А. ар түрдүү өлчөмдө ж-а формада болот. Ал бүтүндөй айнектен же капталдарына айнек орнотулган металл каркастан, кээде орг. айнектен жасалат. А-дун түбүнө таза жуулган кум төшөлүп, анын үстүнө суу өсүмдүктөрү отургузулат да, ага суу толтурулат. Өсүмдүктөр тамыр байлап, суу толук тунгандан 5—7 күндөн кийин, А. балыктары коё берилет. Үстүнөн аба киргендей ачык калтырылып, айнек м-н жабылат. А-дагы суу, өсүмдүктөр убагы м-н алмаштырылып, тазаланып турулат; андагы өсүмдүктөргө, балыктарга эксперименттик изилдөөлөр жүргүзүлөт.

АКВАРИУМ БАЛЫКТАРЫ — атайын идиште — *аквариумда* багылуучу балыктар. А. б-нын денесинин уз. 1,5—30 *см*. Көпчүлүгү майда, түркүн түстүү, кооз болот. А. б. Африка, Америка, Азияда тропиктик ж-а субтропиктик жылуу шор эмес сууларда кездешет. А. б-нын кацылтыр, окунь сымал урук таштоочулары ж-а тирүү туучу түрлөрү бар. А. б-н багуудагы байкоолордун генет., биохим. ж-а биоником алык изилдөөлөр үчүн чоң мааниси бар. Мис., Zebistes reticulatus ж-а Orizias latipes тобуна кызыктуу генет. ин жүргүзүлүп, аргындаштыруунун натыйжасында жаңы түкүмдар чыгарылган.

АКВАТИНТА (итал. acquatinta, acquaforte — офорт, оюк салынган ж-а tinto — боёлгон) — асфальт же канифоль сүйкөлгөн металл тактасынын бетин кислота м-н ойдуруута негизделген гравюранын түрү. А. сүрөткө кош түс сыяктуу көрүнүштү бергендиктен, түстүү сүрөттөрдү басып чыгаруу үчүн колдонулат. Аны штрихтүү офорт м-н бирге кошкондо, сүрөттүн түсүн ж-а көрүнүшүн жакшыртат. Кээде штрихтүү офорту жок «таза» А-лар да пайдаланылат.

АКВЕДУК (лат. agua — суу, dúco — өткөрүү) — кокту-колоттордон, сайлардан, жолдордон ж. б. тоскоолдордон суу агызуучу гидротех. курулуш. Жер үстүндөгү (ачык поо) ж-а жер астындагы А. байыркы Чыг. өлкөлөрүндө, Байыркы Грецияда салынган. Рим ш-да б. з. ч. 4-к-да курулган А. калдыктары сакталып калган. Азыркы сугат, энергетика ж. б. системалардагы А-тар көбүнчө темирден, темир-бетондон, бетондон, кээде жыгачтан жасалат. А. Кыргызстанда кеңири колдонулат.



Аквариум балыктары: *1* — бермет гурамы; *2* — кылыч куйрук; *3* — молинез лирасы; *4* — согушчан балык; *5* — скалярия; *6* — гуппи; *7* — диска сымал окунь; *8* — суматра барбусу; *9* — сепме жаяк; *10* — нотобранхиус; *11* — кызыл неон; *12* — циклазома мика; *13* — пецилобрикон. *14* — хаплохролик бутондор; *15* — апистограмм; *16* — тунук окунь; *17* — хилодус. Аквариум өсүмдүктөрү: *18* — мириофиллюм; *19* — элодея; *20* — эхинодорус; *21* — криптокорина; *22* — людвигия.

АК-ДОБО — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Ак-Добо сельсоветине караштуу кыштак. «Ысык-Көл» к-зунун аймагында. Райондун борбору Покровкадан 25 *км* түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 215 *км*. Калкы 388 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АК-ДОБО — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Жоош сельсоветине караштуу кыштак. Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясынын аймагында. Райондун борбору Кара-Суудан 13 *км* түш. тарапта. Калкы 649 (1970). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

АК-ДОБО — Талас р-нундагы Кызыл-Октябрь сельсоветине караштуу кыштак. «Үрмарал» к-зунун аймагында. Райондун борбору Таластан 22 *км* түш.-бат. тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 114 *км*. Калкы 1267 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АК-ДОБО — Ош обл-нын Фрунзе р-нундагы Орозбеков ат. сельсоветке караштуу кыштак. «Кадамжай» с-зунун аймагында. Райондун борбору Фрунзеден 12 *км* бат. тарапта, Маргалаң т. ж. станциясынан 50 *км*. Калкы 1026 (1970). Башталгыч мектеп, китепкана, клуб бар.

АКЕ, аба, байке — 1. Өзүнөн улуу эркек кишилерди урматтоо, сыйлоо, ызаат кылуу үчүн айтылуучу сөз. 2. Кыргыздын эски салты б-ча келиндер кайнагаларын тергегени. Мында кайсы кайнагасын айтып жатканын даанaлоо үчүн алардын ар кимисине башка-башка көмөкчү аттар коюп да алышкан. 3. А. эркелетүү маанисинде да айтылат.

АК-ЖАР — Нарын обл-нын Ат-Башы р-нундагы Ат-Башы сельсоветине караштуу кыштак. Райондун борбору Ат-Башыдан 2,5 *км* түн.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 247 *км*. Калкы 1872 (1974). Орто мектеп, мадаанят үйү, китепкана бар.

АК-ЖАР — Нарын обл-нын Кочкор р-нундагы Кум-Добо сельсоветине караштуу кыштак. Ленин атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Кочкордон 15 *км* бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 75 *км*. Калкы 1020 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АК-ЖАР — Талас р-нундагы Долон сельсоветине караштуу кыштак. Ленин атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Таластан 21 *км* түн.-чыг. тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 140 *км*. Калкы 935 (1974). Башталгыч мектеп бар.

АК-ЖАР — Ош обл-нын Токтогул р-нундагы Кызыл-Өзгөрүш сельсоветине караштуу кыштак. «Үч-Терек» с-зунун аймагында. Райондун борбору Токтогулдан 75 *км* түш.-чыг. тарапта, Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 135 *км*. Калкы 2350 (1974). Орто мектеп, медпункт бар.

АК-ЗОО ТООСУ — Ак-Шыйрак суусунун алабындагы Борколдой кырка тоосунун чыг. бөлүгү. Түндүгүндө Боор-Албас, чыгышында Бикиртик, түштүгүндө Кара-Бел, батышында Ыштык суулары агат. Уз. 18—20 *км*, туурасы 6—8 *км*, орточо бийик. 4400—4600 *м*, эң бийик жери 4805 *м*. Негизинен палеозойдун орто чөнүндө пайда болгон кристаллдык тоо тектеринен турат. Генет. түзүлүшү б-ча *горст-антиклиналь*. Тоо чокуларында кар, мөңгүлөр бар. Ландшафтына субнивалдык, альпы (3000—4400 *м*), субальпы (3600—3900 *м*) алкактары мүнөздүү. Капчыгайларында талаа өсүмдүктөрү (3000—3600 *м*) өсөт.

АКИ ТАШ — карбонат тектерин ж-а борду бышыруудан алынган зат. Ал негизинен кальций кычкылынан CaO турат. Суу кошулганы — өчүрүлгөн, ал эми кесек түрдөгүсү өчүрүлбөгөн А. т. деп аталат. Курулушта кыш коюу ж-а шыбак иштеринде, цементаки таш эритмесин даярдоодо колдонулат. А. т.— силикат буюмдарын ж-а бетон конструкцияларын жасап чыгарууда абдан керектүү материалдардын бири.

АКИ ТАШ ӨЧҮРҮҮЧҮ МАШИНА — курулушта пайдаланылуучу аки таш аралашмасын даярдоо үчүн арналган кесек аки ташты өчүрүүчү машина. А. т. ө. м. технол. принцби б-ча мех. ж-а термомех. болуп бөлүнөт. Мех. А. т. ө. м-да кесек таш калактар, фрезалар ж. б. м-н майдаланып, кадимки муздак суугa аралаштырылат. Термомех. А. т. ө. м-да кесек аки ташты майдалоо м-н бирге технол. процесстн ылдамдатуу максатында ысык суу жиберилет. А. т. ө. м-лар конструкциясы б-ча барабандуу, жылгычтуу, калакчалуу ж-а фрезалуу болуп, ал эми продукция чыгаруу ыкмасы б-ча циклдүү ж-а үзгүлтүксүз иштөөчү болуп айырмаланат. Аки таш жылчыксыз жабык шартта өчүрүлөт.

АКИ ТАШ ТЕГИ — негизинен *кальцит* (кээде арагонит) минералынан ($CaCO_3$) турган чөкмө тоо тек. Составында кальциттен башка *доломит*, *чопо*, *кварц*, *лимонит*, *глауконит*, орг. заттар ж. б. кездешет. А. т. т-н бардык геол. мезгилдердин чөкмө тоо тек катмарларынан жолуктурууга болот. Курулуш иштинде, цемент даярдоодо, металлургияда (флюс катары), агрономияда (кычкылданып кеткен кыртышты нейтралдоодо) ж-а эл чарбасынын башка тармактарында колдонулат. А. т. т. метаморфизм процессине дуушар болсо — мрамороо, бышырылса — аки ташка айланат.

АКИ ТАШТУУ ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕР — топурактын кычкылдуулугун жоюучу, аны кальций м-н улуктоочу ар кандай аки таштуу тектер. А. т. ж. с. илгертен бери колдонулууда. Бат. Европа өлкөлөрүндө топуракты аки таштоо 6-к-дын башында эле кеңири жайылган. Кыргызстанда. А. т. ж. с. Совет биллигинин мезгилинде гана топурактын асылдуулугун жогорулатуу максатында пайдаланылып жатат. А. т. ж. с. катары аки таш теги, доломит, бор, туф, гажа, мергель, чым көң күлү, цемент чаңы, кагаз ө. ж-ның калдыгы ж. б. колдонулат.

АКИМ (ар. хаким — диний ж-а коомдук иштерди башкаруучу) — бийлөөчү, эл башкаруучу, официалдуу түрдө шайланган же дайындалган киши; үстөмдүк кылуучу таптын өкүлү. Кыргыздар *Кокон хандыгына* баш ийип турган мезгилде админ. аймактардын башында А. турган. Алар берилген укуктарына жараша күпбег, *бек*, *датка* наамдарын алышкан да, жалпы жонунан эл арасында А. аталган. Кыргыз эли Россиянын составына кошулуу мезгилинде бул наам уездин башчысына ж. б. бийлөөчүлөргө тиешелүү болуп да айтыла берген, бирок мурунку маанисин жоготуп, кийинчерээк такыр колдонулбай калган.

АКИМОВ Николай Павлович (1901—1968) — орус совет режиссёру, театр сүрөтчүсү, СССР эл артисти (1960), профессор (1960). А. 1922-ж-дан театрда сүрөтчү болгон. 1929-ж-дан режиссёрлук иште болуп, адеп өз алдынча Шекспирдин «Гамлетин» (1932, Вахтангов атн. театрда) койгон. 1935—49-ж. Ленинград театрларында көркөм жетекчи ж-а башкы режиссёр. А. койгон ж-а көркөмдөгөн спектаклдер идеялык айкындыгы ж-а терендиги, эстет. жактан жеткилеңдиги, курчтугу, жаңычылдыгы м-н айырмаланган. А.— театр ж-дө көптөгөн макалалардын да автору. 3 орден м-н сыйланган.

АКИНЕЗИЯ (*а...* ж-а kinesos — кыймыл) — шал болуудан, сенектиктен (анкилоз) же муун оорусунан эркин кыймылдын болбой калышы. А. психикасы бузулган адамдын дартынын бир белгиси катарында кездешет.

АККАД, Агаде — Сиппарага, Багдаддын түш.-бат. тарабына (азыркы Абу-Хаббага) жакын Түш. Кош өзөндүн түндүгүндөгү байыркы мезгилдеги шаар; Вавилониядагы семит калкынын байыркы борборлорунун бири. Так орун алган жери белгисиз. Б. з. ч. 2300-ж. чөнде зор терр-яга жайгашкан Саргон (Аккад) державасынын борбору болгон. А. түндүгүнөн түштүгүнө (Арменийдан Персияга), чыгышынан батышына (Ирандан Жер Ортолук деңизине ж-а Азияга) карай өткөн соода жолдорунун түйүнү болгон. Б. з. ч. 2200-ж. чөнде А-ды гутилер каратып алган. Ошондон баштап А. өзүнүн мурунку таасирин жоготкон. Вавилон Түш. Кош өзөндүн борбору болуп калган. Анда кээ бир иск-во эстеликтери, падыша сарайларынын урандылары, б. з. ч. 23-к-га тиешелүү буюмдар табылган.

АККАД ТИЛИ же вавилон-ассирия, ассирия-вавилон тили — семит тилдеринин белгилүүлөрүнүн байыркысы. А. т-деги эстеликтерден шынаа жазуусунун эң байыркылары б. з. ч. 3-миң жылдыктын орто чөнүне таандык. А. т-нин гүлдөгөн мезгили — б. з. ч. 20-к. А. т. б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосуна чейин Месопотамия жана Сирияда жогорку маданияттагы тил болгон, аны кийинчерээк арамей тили сүрүп чыгарган.

Ав.: Лившиц Л. А., Аккадский язык, вып., 1—2, Л., 1957.

АККЕРМАН КОНВЕНЦИЯСЫ (1826) — Россия м-н Турциянын ортосундагы келишим; Аккерман ш-да (азыркы Одесса обл-дагы Белгород-Днестровский ш.) 25-сентябрда (7-окт.) түзүлгөн. Осмон империясы Кара деңиз кысыгынын зоналарында соода кемелерин эркин жүрдүрбөй, *Бухарест тынчтык договорунун* (1812) айрым

пунктгарын бузгандыктан, 19-к-дын 20-ж-дарында Россия м-н Турциянын мамилелери начарлай түшкөн. Сербиянын өзүн өзү башкарышы ж-дегү Бухарест тынчтык договорун аткарууну, Молдавия м-н Валахиядан аскерлерди алып кетүү Турциядан талап кылынат, 22-апрелде (4-май) Осмон империясы Россиянын талаптарын кабыл алат да, Сухумдун, Редут-Каленин, Анакриянын Россияга өтүшүнө ж-а Россия сунуш кылган Дунай б-ча өтүүчү чектөө линиясына макул болгон. А. к-нын натыйжасында Балкан ж. а-да Россиянын таасири күчөгөн.

АККЛИМАТИЗАТОР —жоюо багылуучу жай. Ал чоң көнаттууларды багуу шартына ылайыкталат; 60—70 күндүк жөжөлөр А-го которулат, анда 150—180 күн асыралат, андан кийин чоң бакма көнаттуулар багылуучу жайга көчүрүлөт, к. *Тоокана.*

АККЛИМАТИЗАЦИЯ (лат. ad —жараша, ылайык ж-а гр. klimo — климат) — организмдердин жаңы жашоо шартына көнүгүшү. Өсүмдүк м-н жаныбарлардын акклиматизациясы, алардын организминде зат алмашуунун ж-а генет. түзүлүшүнүн өзгөрүүсүнөн болот. Бакма айбанаттардын, айдама өсүмдүктөрдүн түрлөрүндөй эле алардын жаңайы түрлөрү да табигый шартка байыр алат. Өсүмдүктөр А. аркылуу жер жүзүнө таралат. А-нын башталышы байыркы урууларды тириичилигине байланыштуу, алар бир жерден экинчи жерге көчкөндө малды, жаңайы өсүмдүктүн уругун өздөрү м-н ала жүрүп, жаңы жерде өстүрүшкөн. А. аркылуу Сов. Союзунда өсүмдүктөрдүн түрүн, сортун өзгөртүү ж-а чыгаруу, аларды өстүрүү б-ча маанилүү иштер жүргүзүлүүдө. Биздин өлкөгө жер шарынын ар кайсы булуң-бурчунан малдын породалары, өсүмдүктүн сорттору алынып келинип, пайдалуктүү өстүрүлүүдө. Алсак, Америкада, дагы башка материктерде жашаган ондатра, норка ж. б. жаныбарлар жерг. шартка бат эле көнүгүп кетти. Баалуу балыктарды өлкөбүздүн сууларында, көлмөлөрүндө, көлдөрү м-н деңиздеринде көбөйтүү, аларга тоют болчу ар түрдүү чөптү, балырды ж-а майда жандыкты сууда өстүрүү А. ишине жараша болот. А-нын натыйжасында жаныбарлардын жашоо тиричилиги гана өзгөрүбөстөн, климатка, темп-рага, о. эле табигый шартка байымдуулугу жогорулап, кунардуулугу, тукумдуулугу артат. А. ишин жүргүзүү м-н азайып бара жаткан жаныбарлар, осумдүктөр тукум курут болбой көбөйүп жатат. Мал чарбачылыгында башка өлкөлөрдөн алынып келинген малдын кунардуулугун төмөндөтпөө максатында алар жерг. мал м-н аргындаштырылып, алынган төл өзүнчө өстүрүлөт. Мис., Кыргызстанда жерг. уйдун, койдун, жылкынын жаңы породаларын чыгарууда башка жерден алынып келинген мал акклиматташтырылып, аргындаштыруу ишинде колдонулууда. Республикада ондатра, жанат, тыйын чычкан, Ысык-Көлдө севан балыгы, Сары-Челек коругунда аубр, күрөң аюу, бугу ж. б. айбанаттар асыралууда. Кырг. ССР ИАнын Ботан. багында өсүмдүктөрдүн көп жаңы түрү өстүрүлөт.

АККЛИМАТИЗАЦИЯ (а д а м д ы н) — чоочун климаттык шарттарга организмдин активдүү байыр алуу процесси. Адам такай бир жерде жашап турса, организми айлана-чөйрө м-н тең салмактуулукта болот. Бул тең салмактуулук жаңы чөйрөнүн геогр.-физ. шартына жараша аста-аста пайда болуп, убактылуу же биротоло сакталат. Табияттагы бардык факторлордун жыйындысы (жер, метеорол., космостук ж. б.) адамдын организмине таасир тийгизет. Айрым метеорол. факторлор (абанын темп-расы, нымдуулук, атмосф. басым, күн нуру) организмдин тышкы чөйрө м-н байланышын сактоодо чоң роль ойнойт. Түндүк (суук), түштүк (ысык) ж-а тоолуу климатка адам акклиматташканда, организмдин ыңгайлуу процессинин активдүүлүгү күчөйт. Анда турмуш шарттын ж-а коомдук факторлордун да ролу чоң. А. организмдеги нейрогуморалдык ж-а рефлектордук жолдор м-н башкарылат.

АК-КОПЛУ (түрк.— Ак-Коюнлу) — 14—15-к-да Тигр дарыясынын баш жагындагы жерлерди мекендеген огуз-түрк урууларынын бирикмеси ж-а ошол бирикменин башында турган династиянын аты. А.-К. Узун-Хасандын түшунда (1453—78) Кара-Койлулар мамл-ин талкалап (1468), Арменияны, Азербайжанды, Бат. Иранды, Иракты өзүнө каратып, мамлекет түзгөн. Борбору Тебриз ш. болгон (1468). Узун-Хасандын убагындагы А.-К. мамл-и эл аралык саясатта чоң роль ойногон. 1463-ж. Венеция, Рим папасы ж-а Венгрия А.-К. м-н биргелешип Осмон империясына каршы союз түзгөн. Феодалдардын ортосундагы өз ара согуштар ж-а элдин нааразылыгы 15-к-дын аягында А.-К. мамл-ин начарлаткан. 16-к-дын башында Исмаил Сефеви башында турган кызыл баштар А.-К-ну талкалап, өзүлөрүнө каратып алышкан.

АККОМОДАЦИЯ (лат. accomadatio — ыңгайлануу) м е д и ц и н а д а — көздүн ар кандай аралыктагы нерсени даана көрүүгө ыңгайланышы. Жакын жердеги нерсени караганда, көздүн А-лык булчуңу жыйрылып, ошондон улам чечекейдин томпоюшу чоңоёт да, көздүн жарыкты чагылтып сындыруу кубаты арбыйт. Жакын нерселерден келген жарык нурлары көздүн торчо кабыгындагы фокуска түшүп, буюм даана көрүнөт. Көзү соо адамдар 40—45тен өткөндө, алардын көздөрүндө А-лык булчуңдун жыйрылышы ж-а чечекейдин чоюлууга ийкемдүүлүгү начарлайт, жакындагыны даана көрө албай калат. Көздүн ар кандай кырсыкка учуроосунан, ага узакка күч келтирүүдөн (узак убакыт бою китепти көзгө жакын карап окуган балдарда), өзгөчө жарыктын таасиринен А-лык булчуң жыйрылган бойдон калышы мүмкүн. Мындай учурда көз жакындагыны жакшы, алыстагыны начар көрөт. А-нын начарлашын абалы калыбына келтириш үчүн, томпок линзалуу көз айнек кийүү сунуш кылынат.

АККОМОДАЦИЯ — бир сөз ичинде жанаша келген же жакын турган тыбыштардын мурункусунун таасири м-н кийинкисинин (мис., завод+ +ның=заводдун — прогрессивдүү А.) же кийинкисинин таасири м-н мурункусунун ыңгайлашын (мис., ак+ыз= =агыз — регрессивдүү А.) *артикуляцияланышы.*

АККОМПАНЕМЕНТ (фр. accompagnement, accompagner — коштоо) — музыкалык коштоо. А-тин эки түрү бар: солистти, аспапчыны же аткаруучулардын тобун (ансамбль, хор) муз. жекече аспап (рояль, баян, гитара, комуз ж. б.) же бир нече аспап (ансамбль, оркестр) м-н коштоо. Кээде ырчыны хор да коштойт. А. ырчыга, аспапчыга гармоникалык ж-а ритмикалык жолок болуп, чыгарманын мазмунун, көркөмдүгүн тереңдетет.

АК-КОРГОН — Ош обл-ныи Ала-Бука р-нундагы Ак-Коргон сельсоветине караштуу кыштак. «Октябрь» с-зунун борбору, райондун борбору Ала-Букадан 15 *км* түш.-чыг. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 50 *км* аралыкта. Калкы 6106 (1974). Айылдык профтех. окуу жайы, орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана бар.

АК-КОРГОН —Талас р-нундагы Талды-Булак сельсоветине караштуу кыштак. № 113 жылкы з-дунун аймагында. Райондун борбору Таластан 66 *км* түш.-чыг. тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 186 *км*. Калкы 554 (1974). Клуб бар.

АККОРД (итал. accordo—үндөшүү)— ар кандай бийиктикте бир нече добуштардын бир убакта үндөшүп угулушу. А-дун негизги түрлөрү: үч үндүк (ар түрлүү 3 добуш), септаккорд (4 добуштан), понаккорд (5 добуштан). Үч үндүктөрдүн 4 түрү бар: мажордук (чоң ж-а кичине терция), минордук (кичине ж-а чоң терция) кичирейтилген үч үндүк (эки кичине терция), кеңейтилген үч үндүк (эки чоң терция).

АККОРДЕОН (фр. accordeon) — 1) сол кол м-н ойногонго ылайыкталган даяр аккорддуу тилчелери бар муз. аспаптардын жалпы аты. 1829-ж. пайда болгон. 2) Россияда таралган фортепианонукундай клавиатурасы бар *баян.*

АК-КОЧКОР — Ысык-Көл обл-ныи Жети-Өгүз р-нундагы Жети-Өгүз сельсоветине караштуу кыштак. «Улуу к-зунун аймагында. Пржевальск ш-нын батышында, Жети-Өгүз суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Покровкадан 27 *км*. Калкы 976 (1972). Китепкана бар.

АК-КӨЛ — Ош обл-ныи Баткен р-нундагы Кара-Бак сельсоветине караштуу кыштак. Фрунзе атн. с-здун аймагында, Сох д-ныи бат. жээгинде, Баткен — Кокон шоссе жолунун боюнда. Райондун борбору Баткенден 33 *км* түн. тарапта, Исфара (Таж. ССРи) т. ж. станциясынан 55 *км*. Калкы 494 (1971). Орто мектеп, клуб, китепкана, төрөт үйү бар.

АК-КӨЛ КЕНИ — Нарын обл-дагы полиметалл рудасы чыгуучу жер. Жумгал р-нундагы Ак-Көл пос-нан 1 *км* түш. тарапта, Кабак тоосунун түн. капталындагы Ак-Көл суусунун баш жагында. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. Ары 1915-ж. геолог А. В. Смолин текшерген. 1935—1937-ж. геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүлүп, запасы аныкталган. Кендин аймагы Орто-Жон аттуу антиклиналдын чегинде жайгашып, ордовик мезгилинин кумдугунан, сланецтеринен, карбон конгломераттарынан турат. Антиклиналдык түзүлүштүн борб. бөлүгү аркылуу Ак-Көл тектоникалык ири жаракасы өтөт. Руда ошол жаракадан тараган майда жаракачаларда кезигет. Кен негизинен кварц, кальцит, барит, галенит, сфалерит, халькопирит минералдарынан турган ичке тарамчалар, майда уячалар ж-а бүртүкчөлөрдөн түзүлгөн 11 руда тилкесинен турат. Алардын уз. 10—120 *м*, калыңд. 1 *м* ге чейин. Рудадагы коргошун 2,0%ке жетет. Руда Ак-Көл жаракасы м-н байланыштуу болуп, гердин металлогениялык доорунда гидротермалык жол м-н пайда болгон. Кенден 1950—60-ж-да коргошун казылып алынып, киреше бербегендиктен, кайра кавылбай калган.

АККРА — Гана Респ-касынын борбор шаары. Гвинея булуңунун жээгинде. Калкы 634 миң (1970). Порт, автомобиль ж-а т. ж-дору башталган пункт, эл аралык маанидеги аэропорт. Металл иштетүү, кездеме токуу, тактай тилүү, тамак-аш (жемиш ж-а балык консервалоо), курулуш ө. ж. ишканалары, электр жабдууларынын з-ду иштейт. Алтын ж-а күмүштөн кустардык жол м-н ар кандай буюмдар жасалат. Улуттук музей (1957), университет (Легондо, 1948), ИАнын ботан. багы бар.

АККРЕДИТИВ (лат. accreditivus — ишенүү) — 1) банк счётунун бир түрү. А.— товар алуучу уюмду төйлеген банк болүмүнүн товар өткөруучу уюмду төйлеген банк болүмүнө берген буйругу. А. б-ча өндүрүш ишканалары бири бири м-н мамл. банк аркылуу накта акчасыз эсептешет. А. товар алуучу уюмдун талабы б-ча түзүлүп, товар өткөруучу ишкана экөөнүн ортосундагы эсептешүү жоопкерчилиги мамл. банкка жүктөлөт. А-ди аткаруу мөөнөтү — 25 күн. Айрым учурда банктын башкаруучусунун макулдугу м-н А. б-ча эсептешүү мөөнөтү 45 күнгө чейин узартылат. Ал мекемелердин ортосунда ж-а эл аралык коммерциялык эсептешүүдө колдонулат. 2) Бирөөнүн атына жазылып берилген баалуу кагаз. Анда көрсөтүлгөн сумманы кредит мекемелеринен (банк, сактык касса) алууга болот.

АК-КУДУК — Нарын обл-ныи Тянь-Шань р-нундагы Ак-Кудук сельсоветине караштуу кыштак. «8-Март» к-зунун аймагында. Райондун борбору Нарындан 73 *км* бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 270 *км*. Калкы 395 (1974). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

АК-КУДУК — Кант р-нундагы Ак-Кудук сельсоветине караштуу кыштак. Райондун борбору Канттан 10 *км* түн.-бат. тарапта. Кант т. ж. станциясынан 10 *км*. Калкы 680(1972). Башталгыч мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АККУЛЬТУРАЦИЯ (англ. acculturation, лат. cultura — билим алуу, өсүш) —адатта бир калктын маданияты онүккөн башка бир элдин маданиятын бүтүндөй же жарым-жартылай кабыл алышы же болбосо ошо маданияттын таасиринде болушу. Бул термини 20-к-дын 30-ж-дарында амер. социологдор ж-а этнографтар илимге киргизген. Сов. илимий адабияттарда А. термини илимий маани ала алган жок, бирок ал термин түюндурган маданият алмашуу ж-а этникалык жактан *ассимиляция* болуу процессин этнографтар ийгиликтүү изилдеп жатышат. Совет бийлиги тушунда Кыргызстанда жашаган улуттар ж-а майда этногр. топтор бири бири м-н этникалык ж-а маданий жагынан ыктыярдуу байланышып, формасы жагынан улуттук, мазмуну жагынан соц. маданиятты өркүндөтүп жатышат.

АККУМУЛЯТОР (лат. accumulo — жыйнайм, чогултам; accumulator — жыйнагыч) — учуру келгенде пайдалануу максатында энергия топтоочу түзүлүш. Жыйналуучу энергиянын түрүнө жараша А. электрдик, гидравликалык, жылуулук, инерциялык болуп бөлүнөт. Электрдик А. электр энергиясын хим. энергияга айландырып чогултат. Керек болгондо ал энергия хим. реакциянын негизинде кайра электр энергиясына айландырылып, электр тизмегине берилет. Электрдик А-дун негизги эки — кислоталуу ж-а жегичтүү түрү бар. К и с л о т а л у у А. электр кыймылдаткыч күчү ж-а п. а. к. чоң болгондуктан, стационардык кубаттуу установкаларда колдонулат. Ж е г и ч т үү А. салмагы аз ж-а жеңекей болгондуктан, транспортто кеңири таралган. Г и д р а в л и к а л ы к А. гидравликалык установкаларда суюктуктардын же газдардын басымын ж-а чыгышын теңдөө үчүн пайдаланылат. Ж ы л у у л у к А. ө. ж. установкаларын буу ж-а энергия м-н үзгүлтүксүз жабдуу, жылуулук ж-а күч берүүнү теңдөө максатында жылуулук энергиясын чогултат. И н е р ц и я л ы к А.— кыймыл саны сыртқы күчтөрдүн кыймыл санынан көп кыймылдагы персе. Буга айлануучу күүлөндүргүч деңгөлөк мисал боло алат.

Ад.: Б а г о ц к и й В. С., Ф л е р о в В. Н., Новейшие достижения в области химических источников тока, М.—Л., 1963.

АККУМУЛЯЦИЯ (лат. accumulatio — чогултуу, топтоо) г е о л о г и я д а — геол. процесстердин таасиринен талкаланган тоо тектердин ж-а минералдык заттардын, орг. калдыктардын жер бетине же деңиз, көл, суу түптөрүнө топтолушу. Алардан кийин *диагенездин* натыйжасында катуу чөкмө тектер пайда болот. А-нын жанар тоо ж-а чөкмө (седиментация) деген негизги 2 түрү бар. Чөкмөлөрдүн деңиз түбүндө топтолушун субаквалдык А., кургактыктагысын болсо субаэралдык А. деп аташат. А-нын топтолуу орундары м-н пайда болуу себептерине байланыштуу деңиз, көл, өзөн, шамал, мөңгү, органоген А-сы болуп бир нечеге бөлүнөт. А-нын натыйжасында *аккумуляциялык рельеф* пайда болот.

АККУМУЛЯЦИЯЛЫК РЕЛЬЕФ деңиз, дарыя, көл, мөңгү чөгүндүлөрүнөн (аккумуляция), о. эле жанар тоо тектеринен пайда болот. А. р. катмарларына жараша бир нече *генетикалык типтерге* бөлүнөт: суу-аккумуляциялык, мөңгү-аккумуляциялык, эолаккумуляциялык, гравитациялык, жанар тоолук ж. б. Кээ бир формалары (дамба ж. б.) адамдардын аракеттеринин натыйжасында пайда болот.

АК КУУРАЙ (Psoralea) — чанактуулар тукумунун уруусу, көп жылдык чөп өсүмдүк. Бийикт. 130 *см*, бозомтук, жыш түктүү, жыттуу, өзөк тамыры кыртышка терең жайгашкан. Сабагы тик, бутактуу, жеңекей жатаалап жалбырактуу, жалбырак сабы кыска. Мөмөсү — чанак, бир уруктуу, аның сырты түктүү. Дүйнөдө 130га жакын түрү белгилүү, Түш. Африка, Австралия, Америка, Индия, Шри-Ланка, Аравия, Жер Ортолук деңиз жээги ж. б. субтропиктик аймактарда таралган. Кытайда ж-а Индияда айдалат. СССРде 3—4 жапайы түрү өсөт. Көчүлүгү айдоолордо отоо чөп катары кездешет. Айрымдары (P. bituminosa) жашылдандырууда, дары катары элдик медицинада, тамак-ашка, көбүнчө Индияда (P. esculenta), а. ч-да тоют чөп катары, жеңил ө. ж-да була алуу үчүн кеңири колдонулуучу маанилүү өсүмдүктөрдөн.

АК-КЫЯ — Ак-Талаа р-нундагы Ак-Кыя сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Дөрбөлжүндөн 60 *км* түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 285 *км*. Калкы 800 (1974). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

АК-КЫЯ — Ош обл-ныи Совет р-нундагы Кара-Көчкөр сельсоветине караштуу кыштак. «Совет» с-зунун аймагында. Кара-Кулжа суусунун оң жээгинде. Райондун борбору Кара-Кулжадан 8 *км*. чыг. тарапта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 98 *км*. Калкы

2689 (1974). Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

АК-КЫЯ — Нарын обл-нын Тянь-Шань р-нундагы Чет-Нура сельсоветине караштуу кыштак. Жданов атн. к-здун аймагында. Нарын ш-нан 12 *км* түн.-чыг. таранта. Рыбачье т. ж. станциясынан 192 *км*. Калкы 521 (1974). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

АКМА КӨЛ, к. *Көл*.

АКМЕИЗМ (фр. acmeisme, гр. akme — жогорку баскычы, гүлдөгөн мезгили) — 20-к-дын башында, бурж. маданият кризиске учуран жаткан шарттарда орус поэзиясында пайда болгон модернисттик агым. Акмеисттер «Цех поэтов» тобуна биригишип, «Аполлон» (1909—17) журналынын айланасына топтолушуп, *«искусство искусство учун»* теориясын жакташкан. Акмеисттердин поэзиясына формализм, ойкуштаган татаал метафора, бир беткей символикалык образ түзүү мүнөздүү. Эмгекчи элден четтөө, аны жек көрүү, келекелөө, тескерисинче, бурж. интеллигенти ашкере мактоо, пафос м-н даңазалоо акмеисттердин идеялык багыты болгон. Элдик турмуштан ажыраган акмеисттер ошол учурдагы символисттер, декаденттер өңдүү шындыны өчкөн, пессимизмге жык толгон чыгармалар жазышкан. Окт. рев-ясынан кийин А. адабияттагы агым катарында жашоосун токтоттү.

Ад.: Блок А., «Без божества, без вдохновенья», Собр. соч., т. 6, М.—Л., 1962; История русской поэзии, т. 2, Л., 1969.

АК-МЕЧИТ — Сыр-Дарыянын аяк чегиндеги Кокон сепилинин аты. 1924-ж-дан баштап Кызыл-Ордо — Каз. ССРинин Кызыл-Ордо обл-нын борбору. Ак-М. сепилинен табылган археол. табылгалар скифтер ж-а киммерийликтердин маданиятын баяндайт. Сов. археологдордун табылгалары 7-к-да скифтердин Крымда болгондугун ырастады. Ак-М. сепилинин инвентарында скифтердин *айбанаттар стилинде* жасалган алтын буюмдары табылган. 1948-ж. СССР ИА Ак-М. сепилине археол. изилдөө жүргүзүп, табылган буюмдардын 5—4-к-га таандык экендиги аныкталды.

АК-МОЛО, к. *Целиноград*.

АК-МОЮН — Нарын обл-нын Ат-Башы р-нундагы Ак-Моюн сельсоветине караштуу кыштак. 22-партсъезд атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Ат-Башыдан 23 *км* чыг. таранта, Рыбачье т. ж. станциясынан 270 *км*. Калкы 1610 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана бар.

АК-МУЗ — Нарын обл-нын Ат-Башы р-нундагы Ак-Моюн сельсоветине караштуу кыштак. Куйбышев атн. к-здун борбору. Райондун борбору Ат-Башыдан 32 *км* чыг. таранта, Рыбачье т. ж. станциясынан 280 *км*. Калкы 2172 (1974). Орто мектеп, китепкана, клуб, турмуш-тиричилик комбинатынын филиалы (тигүү цехи), оорукана ж-а поликлиника бар.

АКНАЗАРОВ Корчубек (1922-ж. т.) — Кырг. ССРинин советтик-партиялык иштери, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1947-ж-дан КПССтин мүчөсү. 1947-ж-дан партиялык жетекчи кызматта, 1961—71-ж-да партиянын Ак-Талаа райкомунун биринчи секретары болуп иштейт. А. жетекчилик кылган район мал чарба ж-а дыйканчылык продуктуларын өндүрүүдө ж-а мамлекетке сатууда чоң ийгиликтерге жетишкен. 1971-ж. партиянын Жумгал райкомунун, 1972-ж-дан партиянын Кочкор райкомунун биринчи секретары. Кырг. ССР Жогорку Советинин (6—9-шайланышы) депутаты. 1961-ж. 11-областтык партиялык конференцияда Кыргызстан КП Тянь-Шань обкомунун мүчөсү, ошол эле жылы Кыргызстан КПнин 12-съездинде Кыргызстан КП БК мүчөлүгүнө кандидат, Кыргызстан КПнин 13-съездинде Кыргызстан КП БКнин мүчөсү болуп шайланган. Ал Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



К. Акназаров.

АК-НИЛ, Бахр-эль-Абьяд (ар. бахр — дарыя, абъяд — ак) — Нилдин Эл-Газель суусу куйган жеринен Көк-Нилдин чатына чейинки (Судандын аймагындагы) аты. Уз. 957 *км*, пугунун туурасы 1—2 *км*. Жылдык орточо чыгымы 453 $м^3/сек$, ири куймасы Собат кошулгандан кийинки Хартум ш-на жакын жерде агымынын жылдык орточо чыгымы 808 $м^3/сек$. Гебель-Аулия плотинасы курулган. А.-Н. сугатка пайдаланылат, кеме жүрөт.

АКОНКАГУА — Анд тоолорундагы (Түш. Америка) чоку, Бат. жарым шардагы эң бийик чоку (6960 *м*). Дайыма кар басып жатат. Анда уз. 6 *км* ге жеткен 7 мөңгү бар.

АКОПЯН Акоп (1866—1937) — армян совет акыны, армян пролетарчы поэзиясын баштоочу. 1904-ж-дан КПСС мүчөсү. 1-ырлар жыйнагы 1899-ж. жарык көрөт. 1902-ж-дан Закавказьедеги пролетарчыл рев. күймылга аң-сезимдүү түрдө катышкан. Бул анын «Кочегар» (1904), «Революция» (1906), «Таң атарда» (1910), «Шаар» (1911) өндүү ырларын, «Жаңы таң» (1909), «Кызыл толкундар» (1911) өндүү поэмаларын жазууга түрткү берген. Совет бийлиги Грузияда жеңген соң, А. Закавказье Федерация БАКтын мүчөлүгүнө шайланат. А. «Теңчилик» (1917), «Шир-Канал» (1924), «Волховстрой» (1925) аттуу поэмаларын, көп сандаган ырларын соц. турмуштун салтанатын, эл достугун, жаңы м-н эскинин күрөшүн даңазалоого арнаган. 1923-ж. А-га Армения ж-а Грузиянын эл акыны деген ардактуу наам берилген.

АК-ӨЛӨҢ—Ысык-Көл обл-нын Ысык-Көл р-нундагы Көк-Мойнок сельсоветине караштуу кыштак. «Көк-Мойнок» с-зуна таандык. Рыбачье т. ж. станциясынан 18 *км* түш. таранта. Райондун борбору Чолпон-Атадан 98 *км*. Калкы 1063 (1972). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар. А.-Ө-дө улуу манасчы *Саякбай Каралаев* туулган.

АКРАНИЙ *(a...* ж-а kranion — баш сөөк) — түйүлдүктүн жатында туура эмес осушунен баштын төбө сөөгүнүн жок болуп калышы. А. тубаса майыптыктардын башка түрлөрү м-н коштоп учурайт. А-сы бар бала демейде өлүү түшөт, кээде гана тирүү түшүп, бир нече саат жашайт.

АКРИДИН, $C_{13}H_9N$ — ачык саргыч кристаллдардан турган орг. бирикме, эрүү t 111°С, кайноо t 346°С. А. орг. эриткичтердин көпчүлүгүндө жакшы эрийт, күчтүү минералдык к-талар м-н комушганда, туздарды пайда кылат. Хим. жактан туруктуу. А. таш көмүр чайырында кездешет, дифениламинди *кумурска* жө *козу кулак к-талары* м-н конденсациялоодон алынат. А. баалуу боёкторду, дары-дармектерди алууда пайдаланылат.

АКРИЛ КИСЛОТАСЫ, $CH_2=CHCOOH$ — бир негиздүү каныкпаган орг. кислота. Кескин жыттуу, түссүз суюктук, кайноо t 141°С. Сууда, спиртте, эфирде жакшы эрийт. Хим. реакцияларга тез кирет. Оңой полимерленип, полиакрил к-тасын пайда кылат. Ө. ж-да ацетиленден алынат: C_2H_2+ $+CO+H_2O=C_2H_3COOH$. А. к. ж-а анын туздары басмакана боёкторуна, лактарга, пасталарга кошулат.

АКРИЛОНИТРИЛ, $CH_2=CH-C\equiv N-$ орг. бирикме, мүнөздүү жыты бар түссүз суюктук, кайноо t 77,3°С. Көпчүлүк орг. эриткичтер м-н аралашат, сууда эрийт, оңой полимерленип, *полиакрилонитрилди* пайда кылат. А. ө. ж-да пропилен м-н аммиактын аралашмасын кычкылдандыруудан ($CH_2=CH-CH_3+NH_3+30\rightarrow 3H_2O+$ $+CH_2=CH-CN$) ж-а ацетиленге сынил к-тасын таасир этүүдөн алынат: $CH\equiv CH+HCN\rightarrow CH_2=CH-CN$. А. пи молекулалуу бирикмелерди (полиакрилонитрил буласын, бутадиен-нитрил каучугун) өндүрүүдө колдонулат.

АКРОБАТИКА (гр. akrobátes — бутумдун башы · м-н басам, бийикке чыгам) — 1) гимнастика тибиндеги спорттук машыгуулар; 2) машыгуулардын көп сандаган топторун (акробатикалык секирүүлөрдү, алп-эркектин же эки эркектин, 3—4 эркектер тобунун машыгууларын, эркек м-н аялдын батутта секирүүлөрүн) бириктирип турган спорттун бир түрү; 3) цирк өнөрүнүн жанры. А. өнөрү Байыркы Египетте, Грецияда, Римде, Византияда, Кытайда, Японияда белгилүү болгон. О. кылымда А-ныи кээ бир элементтерин даркылар, скоморохтор (Россияда), мимдер (Италия-

да), жонглёрлөр (Францияда) аткарышчу, 18-к-дын аягынан тартып, А. цирктерде кенен тарала баштайт. А. күч көрсөтүү, жерде секирүү, ийиндө ойноо, икарийлик оюндар, ат үстүндө ойноо болуп бөлүнөт. А-ныи айрым элементтери бүгүлүү күндөгү циркти бардык жанрларында, хореография өнөрү м-н театр оюндарында да кеңири колдонулат.

АКРОЛЕЙН, $CH_2=CH-CHO$ — каныкпаган эң жөнөкөй альдегид. Кескин жыты бар көздөн жаш агызуучу түссүз суюктук; кайноо t 52,5°С. Абада оңой кычкылданып, акрил к-тасына айланат. А. лабораторияда глицеринди калий бисульфаты $KHSO_4$ м-н ысытуудан, ө. ж-да пропиленди жез кычкылынын үстүндө кычкылдандыруудан алынат. А. көэ бир полимерлерди синтездөөдө ж-а дары-дармек жасоодо колдонулат.

АКРОМЕГАЛИЯ (гр. akron — кол, бут ж-а megas — чоң) — гипофиздин алдыңкы бөлүгүнүн иштешинин бузулушунан болгон оору. А-да манжа, буттун кетмени, бел ж-а баш сөөктөру чоңоёт. Бойдун өсүүсү токтолгондо, А. акырындык м-н пайда болуп, көп жылга созулат. Жаш организмде (бойдун өсүү мезгилинде) гипофиздин функциясынын бузулушу гигантизмге алып келет. А-да баш оору, тез чарчоо пайда болуп, эмгекке жарамдуулук төмөндөп, көздүн көрүүсү начарлайт. Дарылоодо гипофизге операция жасап, рентген нуру м-н кактайт.

АК-САЙ — Чүй р-нундагы Сынташ сельсоветине караштуу кыштак. «Сын-Таш» к-зунун аймагында. Райондун борбору Старо-Покровкадан 20 *км* түш.-бат. таранта, Ивановка т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 400 (1973). Башталгыч мектеп, клуб, китепкана бар.

АК-САЙ — Ысык-Көл обл-нын Тоң р-нундагы Төрт-Күл сельсоветине караштуу кыштак. 22-партсъезд атн. к-здун борбору. Рыбачье—Пржевальск шоссе жолунун боюнда. Райондун борбору Бөкөнбаевден 14 *км* бат. таранта, Рыбачье т. ж. станциясынан 74 *км*. Калкы 1224 (1972). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АК-САЙ — Ички Тянь-Шандагы (Нарын обл.) суу, Какшаал суусунун оң куймасы. Уз. 96 *км*, алабынын аянты 7440 $км^2$. Суу Ат-Башы кырка тоосунун түш. капталындагы мөңгүлөрдөн агып чыгып, адегенде — Кең-Суу, сол жагынан Муздабас, оң жагынан Текелик суулары кошулган соң, Ак-Сай деп аталат. Ак-Сай өрөөнүнө жеткенде, чыгышка бурулуп, Мүрдүрүм ж-а Көк-Кыя суулары м-н кошулуп, Какшаал суусун түзөт. Ак-С-га сол тарабынан Кызыл-Суу, Кошкара-Таш, Муздабас, Жол-Богошту, оң тарабынан Терек, Текелик, Кулжа-Башы суулары куят. Ак-С-дын нугу башынан аягына чейин дээрлик кең (100—1000 *м*), суусу салаалап жай агат. Кар, мөңгү сууларынан ж-а булактардан куралат; июль, август айларында ташкындайт. Жылдык орточо чыгымы 9,3 $м^3/сек$, эң көп чыгымы 20,5 $м^3/сек$, эң азы 3,26 $м^3/сек$, Ак-С. суусунда көк чаар, асман, алабуга ж. б. балыктар бар.

АК-САЙ — Тоң суусунун сол куймасы. Тескей Ала-Тоосунун түн. капталынан башталып, Жер-Үй м-н Көк-Сай суулары кошулганда, Ак-Сай деп аталат. Уз. 36 *км*. Алабынын аянты 340 $км^2$. Ак-Сай кыштагынын тушуна чыкканда, терең сай аркылуу агып Ысык-Көлгө 4 *км* жетпей, Тоң суусуна куят. Алабында аянты 44,2 $км^2$ ге жеткен мөңгү бар. Эң ири куймалары: Жер-Үй, Көк-Сай. Кар, мөңгү, саз ж-а булак сууларынан куралат. Июнда кирип, октябрда тартылат, эң көп чыгымы 4,49—8,45 $м^3/сек$, эң азы 1,49—1,60 $м^3/сек$. Жылдык орточо чыгымы 3,06 $м^3/сек$. Сугатка пайдаланылат, жээгинен Ак-Сай кыштагы орун алган.

АК-САЙ МӨҢГҮСҮ (Комаров) Какшаал кырка тоосунун түн. капталында. Уз. 9,3 *км*, туурасы 3 *км*, аянты 29,8 $км^2$. Ал өрөөн мөңгүлөрүнүн тибине кирет. Мөңгүнүн этеги 3800 *м* бийиктиктен бүтөт, кар сызыгынын бийикт. 4600 *м*. Негизинен кар, жаан ж-а кар көчкүлөрүнөн толукталат. Мөңгүдөн Кара-Керме суусу башталып, Ак-Сай суусуна куят.

АК-САЙ ӨРӨӨНҮ — Нарын Тянь-Шандын түштүгүндөгү өрөөн; Ат-Башы р-нуна карайт. Түндүгүнөн Ат-Башы, Жаңы-Жер, түштүгүнөн Какшаал, Көрпө-Тоо, Торугарт тоолору м-н чектешет. Аянты 8 миң $км^2$. Уз. (батыштан чыгышка) 160—170 *км*, туурасы 30—40 *км*. А.-С. ө. деңиз деңг. 3000—3800 *м*, тоолор 4800—5500 *м* бийиктикте жатат. Түн. ж-а түш. бөлүктөрүнүн рельефи дөңсөөлүү, адырлуу, ортоңку бөлүгү түзөң ж-а жаныз каштуу. Өрөөндө Көк-Кыя, Отто-Таш, Сары-Белес, Кежиге сыяктуу бийик тоолор бар. Кайнозой заманындагы *кыргыздын кызыл түстүү комплекси* м-н антропогендик көл, мөңгү-суу ж-а аллювий чөкмөлөрүнөн турат. А.-С. ө.—антиклиналь м-н синклиналдардан турган бир жактуу грабен. Климаты кескин континенттик: январдын орточо темп-расы — 29,1°С, абс. минимум —53,6°С. А.-С. ө. О. Азия б-ча «сууктун уюлу» деп аталат. Жаан-чачындын жылдык саны 200—250 *мм*, көпчүлүгү жылдын жылуу мезгилинде жаайт. Кышында кар аз түшөт, айрым жылдарда түшпөй да калат. А.-С. ө-н курчаган тоолордогу мөңгүлөрдүн саны 270, аянты 428 $км^2$. Айрымдары 2—5 $км^2$. Негизги суулары: Кең-Суу, Ийри-Суу, Муздабас, Кош-Кара-Таш, Богошту, Кашка-Суу, Балыкты (Ат-Башы ж-а Жаңы Жер тоолорунан башталат); Терек, Текелик, Корумдук, Көл-Суу, Какшаал тоолорунан агып түшүп, Бат. Ак-Сай суусун түзөт. Чыгышында Отто-Таш мөңгүсүнөн Мүрдүрүм суусу башталат. Эки суу Үч-Кошкондон биригип, Какшаал деп аталат да, куш капчыгай аркылуу Кытайга агып чыгат. Өрөөндө майда морена ж-а термокарсттык көлдөр көп. Эң ирилери Чатыр-Көл, Көл-Суу (уз. 12 *км*, туурасы 0,6—1,7 *км*) өрөөндү тосуп калган жер көчкүдөн пайда болгон. Өрөөндө көп жылдык тоң катмары бар, калың. 20—100 *м*. Жери тоолуу, каксоо, көңүр ж-а саздак. Тоолуу талаа, талаа, субальпы ж-а альпы ландшафт алкактары бар. Жаныбарлардан: коён, суур, түлкү, карышкыр, илбирс, аюу, аркар, тоо эчки; канаттуулардан: улар, кекилик, жору; көлдөрдө жаз, жай айларында өрдектөр, чүлдүктар; балыктардан: алабуга, жилингир, көк чаар кезигет. А.-С. ө-нүн экон. маанисин чоң: Кыргызстандагы ири жайлоо ж-а кыштоо; Тянь-Шань, Ат-Башы, Ак-Талаа р-ндорунун жарым миллиондон ашуун кою, 11 миңден ашуун жылкысы, 2 миңден ашык үй-топозу багылат. Малды тоют м-н камсыз кылуу үчүн А.-С. ө-дө 10742 *га* айдоо аянты өздөштүрүлгөн. Малчыларды тейлөө үчүн маданий борбор (китепкана, магазин, оорукана) уюштурулган. Өрөөнгө Чатыр-Көл ж-а Кыңды таранта жол келет.



Ак-Сай өрөөнү. Түштүк жагы (Текелик).

Негизги кыштоолоруна жол салынган.

Ад.: Чупахин В. М., Внутренний Тянь-Шань, Фр., 1959; Орозгожоев Б. О., Природа высокогорных пастбищ Внутреннего Тянь-Шаня, Фр., 1968; Цеканов А. С., Бийик тоолуу зоналарда тоют өндүрүү, Фр., 1970.

АК-САЙ СВИТАСЫ — Тескей Ала-Тоосунда юра мезгилинин орто ченинде пайда болгон тоо тек катмарлары. Свита *Сөгүтү күрөң көмүр кенинин* аймагында кеңири тараган. 1947-ж. С. С. Шульц аны өзүнчө *геол. свита* катары бөлүп, Ак-Сай деген жердин аты м-н атаган. А.-С. с-нын астыңкы бөлүгү түрдүү түстөгү гравелит, кумдук, алевролит, чопо, көмүр, үстү жагы конгломерат, кумдук, алевролит ж-а чопо катмарларынан турат. Катмарлардын арасынан *споралардын* көптөгөн калдыктары табылган. Свитанын калың.: астыңкысы 57—115 *м*, үстүнкүсү 60—65 *м*. А.-С. с-да күрөң көмүр кендери бар.

АКСАК — ар түрлүү көкустуктан, ылаңдын айынан бут булчуңунун, тарамыштын, муундун туура иштебегендигинен малдын басыгынын бузулушу. А. булчуң дартынын кесепетинен болсо, мал бутун көтергөндө байкалып, оору бутун аярлап шилтейт. А. сөөк, муун, тарамыш ж-а туяк дартынан болсо, мал оору бутун жерге көбү замат көтөрүп, алга кере таштайт. А. буттун кан тамырынын буулушунан чыкса, мал катуу жүгүргөндө, байкалат. Дарылоо-клиникалык изилдөө аркылуу ылаңдын алгачкы себептери аныкталып, оңого жараша жүргүзүлөт.

АКСАКАЛ — патриархалдык коомдогу уруунун же уруктун башкаруучусу, кадырман, билерман, тажрыйбалуу адам. А. демейде көптү көргөн, көптү билген, иш м-н сөзгө кадик, улгайып калган киши болгон ж-а уруунун ички-тышкы мамилелерин жөнгө салып турган. Патриархалдык-феодалдык мамилелер өнүккөн учурда А. башкаруучу укугунан ажырап, бир гана айылдын кеңешчиси, калыс кишиси ролун аткарып калган. Мындай шарттарда ар бир карыя адам А. деп аталса да, кадыр-баркка ж-а урматтоого баары бирдей ээ боло бергени эмес. Кимдин колунда мал ж-а байлык болсо же бала-бакырасы, тууганчуушканы таасирлүү болсо, ошол гана айыл А-ы деп аталчу. Кийинчерээк жалаң эле карылардан эмес, мансаптуу, колунда бар кишилер да, жашына карабастан, А. аталып кеткен. Совет бийлиги орногондон кийин А. өзүнүн таптык маанисин жоготуп, жалпы эле жашамал карыяларга таандык сөз болуп калды.

АКСАКАЛДАР БИЙЛИГИ — алгачкы общиналык коомдо уруу союздарына жол көрсөткөн башчы, феод. доордо патриарх. тартипти сактаган феодалдардын өкүлү. Илимде Геронтократия деп аталат, англ. этнограф. У. Риверс киргизген. А. б. Окт. рев-яга чейинки кыргыз элинин коомдук турмушунда да чоң роль ойногон. Үй-бүлө, чарба ж-а коомдогу иштердин бардыгы аксакалдардын кеңеши б-ча жүргүзүлгөн. Феод. өндүрүш мамилелеринин өсүшүнө байланыштуу А. б-нин мазмуну да өзгөрүлө баштаган. 19-к-да А. б. бийлердин ж-а манаптардын колуна өткөн.

АКСЕКЕТ (Ахси) — байыркы шаар. 10-к-да Фергана өрөөнүнүн борбору, Бабурдун тушунда Ферганадагы чоңдугу жагынан 2-шаар болгон. Шаар урандысы Сыр-Дарыянын оң жээгинде, Өзб. ССРинин Наманган обл-дагы Шаханд кыштагынан табылган. Анын чеби, шахристаны, рабаты ж-а чоң базары болгон. Байыркы Эски Ахси, монголдор мезгилинде чейинки ж-а Тимурдун тушундагы Жаңы Ахси ш-лары ар түрдүү убакта, бөлөк-бөлөк курулса да, жалпы жонунан А. деп аталган. Эски А. күл өлөөчүлүк түзүлүш кризиске учурагандан кийин элсиз калган. Алгачкы о. кылымдагы А. монголдор мезгилинде чейин жашап турган. Жаңы А. (14—15-к-да пайда болгон) жер титиреөдөн кыйрап, андан аман калган эли Намак кыштагына көчүп кетсе керек. Кийин анын ордуна Наманган ш-ы пайда болгон.

АКСИОЛОГИЯ (гр. axios — баалуулук ж-а *...логия)* — баалуулук ж-дөгү окуу, азыркы кездеги идеалисттик философиядагы негизги бир тармак. 20-к-дын башында бурж. философияда пайда болгон. А. коомдук көрүнүштөрдү идеалистче түшүндүрөт, коомдук бытие м-н коомдук аң-сезимдин закон ченемдүүлүгүн танат. А-дагы негизги персе — баалуулук ж-дөгү түшүнүк. Баалуулук этикалык, эстет., диний, укуктук, саясий, экон. ж. б. болуп бөлүнөт. А-да субъективдик-идеалисттик ж-а объективдик-идеалисттик деген эки агым бар. Жалпысынан А. — тарыхый материализмге, илимий социологияга каршы багытталган идеалисттик окуулардын жыйындысы. Диалек. материализм А-ны баалуулук ж-дөгү идеалисттик окуу катарында четке кагып, коомдук аң-сезимдин ар кандай формаларын м-н байланыштуу болгон баалуулук категорияларын илимий иштеп чыгуу зарылчылыгын танбайт. Баалуулук ж-дөгү окууга марксче мамиле кылуу, биринчиден, социалдык, илимий, моралдык, эстет. ж. б. баалуулуктардын объективдүү мүнөзүн; экинчиден, баалуулуктардын тарыхый ж-а тапчыл мүнөзүн; үчүнчүдөн, алардын өнүгүү процессиндеги салыштырмалуулук ж-а абс. өз ара диалек. катнаштарын эске алууга негизделет. Марксизм-ленинизм б-ча, адам ж-а адам баласынын бактысы расалык, улуттук, колон. ж. б. эзүүнүн бардык түрлөрүнө каршы күрөшүүдө, о. эле соц. ж-а коммунисттик коомду курууда жетишилген эркиндик — баалуулуктун эң эле жогорку тибп. А-ны сынга алуу — марксчил философиянын бүгүнкү күндөгү эң негизги милдеттеринин бири.

АКСИОМА (гр. axioma — ылайык табылган, кабыл алынган негиз) — кээ бир матем. теорияларды түзүүдө далилдөөсүз кабыл алынган негизги матем. чындык. Кайсы бир А-лык теорияны түзүүдө адегенде негизги түшүнүктөр деп аталган аныктабай турган негизги объектилер ж-а алардын арасындагы негизги катыштар тандалат. Андан кийин негизги түшүнүктөрдүн ар түрдүү касиеттерин көрсөтүүчү сүйлөмдөр (А-лар) алынат. А. көп кылымдардан бери адам баласынын тажрыйбасынан, практикасынан, эксперименттен ж-а илимдин өсүшүнөн келип чыгып, далилдөөнү талап кылбаган чындык катарында каралат. Байыркы Грецияда «А.» терминин *Аристотель* 1-пайдаланган, кийин ал термин *Евклид* ж-а аны ишке улантуучулар аркылуу геометрияга кирген. О. кылымда А. аристотелдик философиядан илимдин башка тармактарына өтөт, андан ары алар аркылуу турмуштук чындык катары кабыл алынат. Матем. логика аппаратынын өнүгүшү А. түшүнүгүнүн өсүшүнө түртүк болду. А-ны формалдуу караганда, кээ бир мазмундуу илимий теориянын бөжөмолдуу гана эмес, эреже б-ча бул эсептөөнүн жыйынтыгы — калган далилдөөчү формуланын жыйынтыгы чыгарылуучу андагы жөнөкөй формулалардын бири.

АКСИОМАТИКАЛЫК МЕТОД — кандайдыр бир жоболорду (аксиомаларды же постулаттарды) негиз катары алып, жаңы илимий теория түзүү жолу. Теориянын (теоремаңын) калган жоболору далилдөө деп аталган ой жүгүртүү жолу м-н чыгарылат. Мунун негизинде түзүлүүчү илимдер дедуктивдүү илимдер деп аталат; буга матем. илими, логика м-н физиканын математикага байланыштуу кээ бир бөлүмдөрү кирет. Ал Фалес, Пифагор ж-а Платон баштаган байыркы грек геометриясында пайда болгон. 19-к-дын орто ченинде Н. И. Лобачевский ж-а венгр математиги Я. Больяй Евклиддин аксиомаларынан башка аксиомалардын негизинде да геометрия курууга боло тургандыгын далилдегенден кийин, А. методдун математикада ролу дагы жогорулады.

АКСОЛОТЛЬ — жерде-сууда жашоочу куйруктуу амбистоманын көбөйүүгө жөндөмдүү личинкасы (к. *Неотения).* А. биологияда эксперименттик иштер үчүн пайдаланылат.

АКСОНОМЕТРИЯ (гр. áxon — ок ж-а *...метрия)* — параллель проекциялардын жардамы м-н чиймеде перселердин сүрөттөлүшүн алуу ыкмасы. А-лык чиймелер чоң дааналык м-н мүнөздөлөт. Мейкиндиктеги фигуранын А-лык проекциясын түзүү мындайча жүргүзүлөт: эң оболу өз ара перпендикуляр болгон ОХУZ октору ж-а ошол октор б-ча узундук масштабдары тандалып алынат. Андан кийин берилген фигура ж-а ал октор, масштабдар м-н бирге чийме тегиздигине проекцияланат. Эгер *X, У, Z* фигурадагы 3 кесиндинин узундугу болсо, анда А-лык октарго параллель болгон бул кесиндилердин А-лык проекциялары *x, y, z* узундуктарына ээ болот. $x/X = l_x$, $y/У = l_y$, $z/Z = l_z$ узундуктарынын катышы бурмалоо коэффициенттери деп аталат. Көбүрөөк колдонулуучу А-лар төмөнкүлөр: $l_x : l_y : l_z = 1 : 1 : 1$ (изометрия), $l_x : l_y : l_z = 1/2 : 1 : 1$ (диметрия).

АК-СУУ — Пржевальск шаарынан 15 *км* аралыкта, бийик тоолуу Ак-Суу өрөөнүнө жайгашкан дарылоо мекемеси. Бальнеологиялык орто тоолуу Ак-Суу санаторийи деңиз деңг. 1950 *м* бийикте орун алган. Аймагында карагай, четин, бөрү карагат ж. б. мөмөлүү өсүмдүктөр өсөт. Ак-Суунун ысык суулары жерг. элге небактан бери белгилүү болгон. 1896-ж. Пржевальск шаардык башкармасы оорулар үчүн 2 ванна ж-а 2 барак тибиндеги жайды курдурган. Ошондон бери Ак-Суу курорту жерг. курорт катары иштей баштайт. 1957-ж-дан бери *балдардын шал* (полиомиэлит) *оорулары*нын калдыгын дарылоочу жыл бою иштеген санаторий. Курорт аймагынын климатына жайы-кышы тоңбогон Ысык-Көл, бийик тоолор ж-а узун, тар капчыгай чоң таасир тийгизет. Тоо климаты м-н деңиз климатынын айкалышып турушу кыштын жумшак, жайдын салкын болушун камсыз кылат. Агып чыккан ысык, өтө ысык минерализацияланган ж-а радиоактивдүүлүгү төмөн турган азот газы аралашкан минералдуу суулар дарылоонун негизин түзөт. Курортто 9 жерден чыккан булак бар. Алардын

Ак-Суу санаторийи, күн ваннасын кабыл алуу.



ичинен дарылык үчүн № 1 скважинадан чыккан ысык суу газа колдонулат. Бир суткада булактан 345600 *л.* суу агып чыгат. Бул суунун минерализациясы бир литрде 350 *г* га жетет. Хим. составы б-ча Ысык-Атанын аралаш суусуна жакын, бирок аниондордон хлорид м-н сульфаттар, катиондордон натрий м-н калийлер ж-а кремний к-тасы (52 *мг/л*) көптүк кылат. Жерден өзү атылып чыккан суулар өтө ысык болгондуктан (57°С) 1-жолу муздаткыч бассейнге агып келип, андан кийин ванналарга барып, керектелүүчү темп-рада колдонулат. № 4 булактын суулары ичилет. Оорулуу балдарды айыктырууда Ак-Суунун минералдуу суулары жакшы жардам көрсөтүүдө.

АК-СУУ — Ош обл-ның Лейлек р-нундагы суу. Сыр-Дарыянын сол куймасы. Уз. 93 *км*, алабынын аянты 1170 *км²*. Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы Ай-Көлгө жакын жерден башталып, адегенде терең ж-а кууш капчыгай аркылуу түш.-батышты карай агып, андан кийин түндүктү көздөй бурулуп, Фергана өрөөнүнө чыгат. Жогорку агымы Зардалы деп аталат. Ири куймалары: Сумбула, Дакат-Суу ж. б. Майда кирип, июлда ташкындайт да, октябрда тартылат. Жылдык орточо чыгымы 3,81 *м³/сек* (эң көбү 13,6 *м³/сек*, эң азы 1,17 *м³/сек.*). Кар, мөңгү, жаанчачын сууларынан ж-а булактардан куралат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинен Андарак кыштагы м-н Нау ш. (Таж. ССРи) орун алган.

АК-СУУ — Ош обл-ның Жаңы-Жол р-нундагы Калинин сельсоветине карааштуу кыштак. «Ак-Суу» с-зунун аймагында. Бозбу тоосунун этегинен орун алган. Райондун борбору Каравандан 40 *км* чыг. тарапта, Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 30 *км*. Калкы 2000 (1971). Орто мектеп, китепкана, оорукана бар.

АК-СУУ (ПРЖЕВАЛЬСК) КЕНИ — Ысык-Көл обл-дагы кум-шагыл чыгуучу жер. Пржевальск ш-нан 4 *км* чыг. тарапта, Каракол суусунун боюнда. Кен жаткан аймак антропоген мезгилинде пайда болгон аллювий тоо тектеринен турат. Кендеги кумдун өлчөмү 30%. Запасы 12 млн. *м³*. Жуулуп бөлүнгөн кум м-н шагыл «400» маркасындагы бетонго жарактуу. Азыркы кезде кен жерг. курулуш мекемелери тарабынан иштетилип жатат.

АК-СУУ — Жыргалаң суусунун сол куймасы. Уз. 45 *км*, алабынын аянты 513 *км²*. Тескей Ала-Тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Алтын-Арашан ж-а Алмалуу суулары кошулгандан кийин А.-С. деп аталат. Алабында 12 көл бар, алардын жалпы аянты 0,42 *км²*. Ири куймалары: Ацыр-Төр, Чоң-Кашка-Суу. Май айынан кире баштап, сентябрда тартылат. Жылдык орточо чыгымы 5,10 *м³/сек*, эң көбү 14,4—13,0 *м³/сек*, эң азы 1,36—1,26 *м³/сек*. А.-С. кардан, мөңгүдөн ж-а булактардан куралат. Сугатка пайдаланылат. Алмалуу өрөөнүнүн аягында *Ак-Суу* санаторийи, андан төмөн Теплоключенко кыштагы жайгашкан.

АК-СУУ — Чүй д-ның сол куймасы. Уз. 155 *км*, алабынын аянты 483 *км²*. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталып, Жар-Таш ж-а Чоң-Таш сууларынын кошулушунан А.-С. аталат. Жогорку агымы кууш капчыгай м-н агат да, Чүй өрөөнүнө чыканда пугу кеңейип, тайыздай баштайт. Куймалары: Жарды-Суу, Темене, Ак-Башат, Чоң-Таш, Бултуке ж. б. Алабында аянты 4,21 *км²* ге жеткен 77 майда көл бар. Майда кирип, октябрда тартылат. Жылдык орточо чыгымы 3,80 *км³/сек*, эң көбү 11,8—8,90 *м³/сек*, эң азы 1,53—1,45 *м³/сек*. А.-С. кар, мөңгү, жаан-чачын ж-а булактардан куралат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Ак-Башат, Жарды-Суу, Кепер-Арык, Темен-Суу, Кызыл-Дыйкан, Ак-Суу, Мураке, Ак-Торпок кыштактары жайгашкан.

АК-СУУ — Ийри-суу — Калининн р-пундагы Суусамыр суусунун сол куйсамы. Уз. 41 *км*, алабынын аянты 21,8 *км²*. Кыргыз Ала-Тоосунун түш. капталынан башталып, баш жагы кууш капчыгай аркылуу түндүккө, андан кийин түш.-батышты көздөй агып, Суусамыр суусуна куят. Куймалары: Бойрок, Бадала-Таш, Кара-Тор, Жинди-Суу ж. б. Апрелде кирет, июнда ташкындап, октябрда тартыла баштайт. Жылдык орточо чыгымы 2,56 *м³/сек*. Кар, мөңгү сууларынан ж-а булактардан куралат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Тунук кыштагы жайгашкан.

АК-СУУ КОЗГОЛОҢУ — Чүй өрөөнүндөгү Ак-Суу кыштагында 1918-ж. «солчул» эсерлер Совет бийлигине каршы уюштурган козголоң. А.-С. к-нун чыгышына Пишпек уезддинин 1-партиялык конференциясынын «солчул» эсерлерди ж-а бурж. улутчулдарды бийлик органдарынан куун чыгуу ж-дөгү чечими шылтоо болгон. Козголоңго Ташкен м-н Верныйдагы (Алматы) контррев-ячыл күчтөргө таянган эсерлердин жашыруун штабы жетекчилик кылган. 6-декабрда эсерлер жерг. кулактар м-н ооматтуу дыйкандарды чогултуп, митинг өткөрүп, Совет бийлигине каршы күралдуу күрөшкө чакырган. Эсерлерден, эски офицерлерден, кулактардан «Элдик аскер совети» деген түзүлүп, сов. уюмдарды жоюу, Убактылуу өкмөттү калыбына келтирүү максаты коюлган. Козголоңчуларды дунган ж-а кыргыз байлары колдогон. Колго түшкөн большевиктер, сов. кызматкерлер, кызыл аскерлер мыкаачылык м-н өлтүрүлгөн. Козголоң Пишпек уездинин бат. жагынын жарымына тарап, Олуя-Ата уездинин айрым кыштактарына чейин жеткен. Большевиктер козголоңду басуу үчүн чечкиндүү чара көрдү: коммунисттерден согуштук

саясий питаб түзүлдү, коммунисттер, профсоюз мүчөлөрү, жумушчулар күрөшкө мобилизацияланды. Жакынкы кыштактардын кедей-дыйкандарынан ыктыярдуу отряддар уюшулду; 14-декабрда Пишпек ш. коргонууга өтүп, баатырдык күрөш бир нече күнү созулду. Жардамга Верный, Токмок, Каракол ш-ларынан, Георгиевка, Юрьевка, Лебединовка кыштактарынан, Олуя-Ата уездинен отряддар келди. 22-декабрда Жети-Суу фронтунан Я. И. Логвиненко жетекчилик кылган Сов. 1-Пишпек полку жете келип, козголоңчуларга сокку берди. 28-декабрда козголоң басылды. Кыргыз кедейлери Пишпекти коргоого ж-а Совет бийлиги үчүн күрөшүүчүлөрго материалдык жардам көрсөтүп турган.

АК-СУУ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — дарылануурга жарамдуу ысык булак. Ысык-Көл обл-дагы Теплоключенка (Ак-Суу) кыштагынан 4—5 *км* түш. тарапта, Тескей Ала-Тоосунун түн. этегиндеги Ак-Суу өрөөнүндө, деңиз деңг. 1950—2500 *м* бийикт. жайгашкан. Мындан 5—10 *км* түш. тарапта өрөөндүн баш жагында Алтын-Арашан минералдуу суусу орун алган. Составы ж. б. касиеттери б-ча бул эки булак бири биринен көп айырмаланбайт. Суу илгертеден белгилүү. Алгачкы ирет ал ж-дө П. П. Семенов-Тянь-Шанскийдин эмгегинде жазылган (1856), кийин Н. В. Тейх (1874), И. В. Мушкетов (1875), К. И. Аргентов (1909) ж. б. геолог-окумуштуулар келип көрүшкөн. 1932-ж. «Гелиогазразведка» геол. партиясы, 1959—61-ж-дары Кырг. ССР геол. башкармасы тарабынан изилденген. Суу горст-антиклиналдын түн. капталындагы Ак-Суу тектоникалык ири жаракасында жыйналып, палеозой заманынын башында пайда болгон гранит-порфирлердеги майда жаракалар аркылуу жер бетиндеги терс рельефтүү жерлерден агып чыгат. Суу ысык (57°—60°), тунук, аз минерадашкан (0,3—0,4 *г/м*), составы сульфат-хлорид натрийлүү. Сууда кремний кислотасы — 52—54 *мг/л*, фтор — 11—13 *мг/л*, күкүрттүү суутек (H_2S) — 0,5 *мг/л* чейин. Радиоактивдүүлүгү начар (родондун концентрациясы Махенин бирдигинде 0,4—5,6). Суудан азот газы (95—99%) бөлүнүп турат. Суунун эсептелген запасы 18 *л/сек* (1961). Суу м-н сөөк, жарат, нерв ооруларын дарылоого болот. Бул жерде балдардын шал оорусунун калдыгын дарылоочу Ак-Суу санаторийи иштейт, к. *Ак-Суу* (санаторий). Ал эми Алтын-Арашанда колхозчулардын дем алуу үйлөрү бар.

Лит.: Катаева Н. И. и др., Подземные минеральные воды Киргизской ССР, Фр., 1969.

АК-СУУ (ЖАР-ТАШ) МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — дарылануу ж-а ичүүгө жарамдуу минералдуу суу булактары. Москва р-нундагы Беловодск т. ж. станциясынан 30 *км* түш. тарапта, Ак-Суу өзөнүнүн Жар-Таш куймасынын чатында, деңиз деңг. 2400 *м* бийиктикте жайгашкан. 1949-ж-дан изилдене баштап, 1956—58-ж-да запасы (247,3 $м^3$/*сут*) аныкталган. А.-С. м. с-нун булактары Жар-Таш антиклиналынын түш.-бат. канатында жайгашкан ордовик мезгилинде пайда болгон кара түстүү сланец катмарларын аралап, тектоникалык жаракалар аркылуу жер үстүнө чыгат. Суу муздак (—7°—14°С), тунук, чала кычкыл (pH 5,5—5,9) келип, составы гидрокарбонаттуу ж-а кальций-магнийлүү. Суунун негизги дарылык фактору — натрий ж-а магний туздарын түзгөн гидрокарбонат иону. Анын суудагы өлчөмү 0,8—1,5 *г/л* ге жетет. Суу ашказан, боор, өт, ичеги-карын ооруларын дарылоо үчүн колдонулат. А.-С. м. с. 1970-ж-дан бери ичүүгө пайдаланылат. Суу цистерналар м-н Беловодский кыштагындагы пиво з-дуна жеткирилип, ал жерден атайын цехте бөтөлкөлөргө куюлат.

Ад.: к. Ак-Суу минералдуу суусу.

АК-СУУ ӨРӨӨНҮ Тескей Ала-Тоосунун түн. капталында, Ак-Суунун эки айрыгы — Алмалуу (оң) ж-а Алтын-Арашан (сол) өзөндөрүнөн орун алган. Чыгышында Ичке-Жергез, Бууракан, батышында Каракол, Жылан-ды тоолору (Тескей Ала-Тоосунун тармактары) жатат. Уз. 60 *км*, туурасы 0,02—2,5 *км*, орточо бийикт. 2000—3900 *м*, капталдары тик (30—40°), айрыкча өрөөндүн оозу, Ортоктун эки жагы (Кептеш, Тайгак-Таш) 60—70°, таманы кууш (20—50 *м*). Алмалуунун баш жагы (3500—4100 *м*) моңгүлүү, зоолуу келип, тепши түрүндө; ортоңку бөлүгү (2400—3500 *м*) кенен, малга жайлуу; төмөн жагы (2100—2400 *м*) кууш капчыгай, Алмалуу суусу чулу гранит тегин кесип, шар агат. Алтын-Арашан меридиан багытында жатат, баш жагы моңгүлүү, мореналуу, ичке, ортоңку бөлүгү тепши түрүндө, аягы кууш (каньон). А.-С. о. эрозиянын натыйжасында пайда болгон, ал гранит, кумдук ж-а аки таш тектеринен турат. Климаты континенттик, июлдун орточо темп-расы 20—25°С, январдыкы — 5÷9°С. Жылдык жаан-чачындын саны 500—800 *мм*. Моңгүлөрү: Кашка-Суу, Алтын-Арашан, Ашуу-Суу, Алмалуу ж. б. Ири суулары: Алтын-Арашан, Алмалуу; алардын куймалары: Ашуу-Суу, Кашка-Суу, Шаркыратма, Айланма. Өрөөндө боз, күрөң ж-а шалбаа топурактары басымдуулук кылат. Алтын-Арашандын төмөнкү ж-а ортоңку бөлүгү калың карагайлуу. Алмалууда карагай Ортоктун үстүнөн жогору карай 30—35 *км* ге созулат. Тескейин (Кууганды, Чоң-Кочку, Момун-Төр, Баткак-Төр ж. б.), карагай чөрлүү; бадалдуу карагайдын арасында четин, шилби, терек, тал, ит мурун өсөт. Арча, табылгы ж-а бадал өсүмдүктөрү Алмалуунун эки бетин тең (Чоң-Кашка-Суу, Чоң-Таш, Кара-Табылгы, Көк-Жайык) ээлейт. Өрөөндөгү карагайлардын уз. 30—35 *м*, жоонд. 0,8—1,5 *м* ге жетет. Мындай чоң карагайлар Кыргызстандын башка р-ндорунда сейрек кездешет. Айбанаттары: тоо эчки, түлкү, карышкыр, аюу, суур, чөө, кашкулак, илбирс; канаттуулардан: алагүү, кок когучкон, улар, чил, кекилик, бактек, кузгун, бүркүт, жору ж. б. А.-С. ө. кооз ж-а ысык булактуу болгондуктан, эмгекчилер келип эс алуучу жайлары бар, малга жайлуу.

АК-СУУ РАЙОНУ — Ысык-Көл обл-дагы админ. район. 1973-ж. 12-апрелде Түп р-нунан бөлүнгөн. Ысык-Көл обл-ныш түш.-чыгышында жайгашкан. Түндүгүнөн Түп р-ну, түш.-чыгышынан Каз. ССРи, чыгышынан ж-а түштүгүнөн КНР, батышынан Жети-Өгүз р-ну м-н чектешет. Аянты 9828 $км^2$, калкы 42,8 миң (1974). Борбору — Теплоключенка (Ак-Суу) кыштагы. Райондо бир шаар тибиндеги посёлок (Жыргалаң), 32 кыштактан турган 4 совхоз ж-а 6 колхоз бар. Аймагынын түш. ж-а түш.-бат. бөлүгү тоолуу, Тянь-Шандагы эң бийик чокулар Жеңиш (7439 *м*) ж-а Хан-Теңири (6995 *м*) ушул райондун аймагында. Тескей Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгү, Ак-Шыйрак, Эңилчек, Сары-Жаз, Көөлүү ж. б. кырка тоолор созулуп жатат. Кырка тоолордун басымдуу бийикт. 4000—7400 *м* ге чейин. Райондун түн. бөлүгү түз келет. Райондун аймагында таш көмүр, коргошун, калай, туз, цемент, курулуш куму ж. б. кен байлыктар бар. Алтын-Арашан, Ак-Суу, Жыргалаң минералдуу суулары чыгат. Климаты континенттик, январдын орточо температурасы — 10—20°С, июлдуку 10—15°С, жылдык жаан-чачын 400—600 *мм*, кээ бир жерлерде 1000 *мм* ге чейин. Моңгүлөрү: Эңилчек, Ак-Жайлоо, Жаман-Суу, Жылдызча ж. б. Ири суулары: Сары-Жаз, Жыргалаң (куймалары: Ак-Суу, Түргөн), Түп (жогорку агымы) ж. б. Тоолуу талаа, тоолуу токой ж-а тоолуу шалбаа топурактарында шыбак, бетеге, доңуз сырты, өлөң, кырка тоолордун түн. капталдарында тянь-шань карагайы, арча, четин, чычырканак ж. б. өсүмдүктөр м-н даректар өсөт. Жаныбарларга бай: тоо эчки, элик, марал, аюу, доңуз, илбирс, карышкыр, суур, түлкү, кашкулак, коён, Сибирден алып келинген тыйын чычкан; канаттуулары: бүркүт, улар, тоо казы, ак-кыргоол ж. б. Калкынын көбү кыргыз; орус, украин ж. б. улуттар. Орточо жышт. 1 $км^2$ жерге 4,3 киши. Өнөр жайы: Жыргалаң көмүр шахтасы, асфальт-бетон з-ду (Теплоключенка кыштагына жакын). А.-С. р-нунда мал чарбачылыгы өнүккөн. Бийик тоолуу Кой-Кап, Эңилчек, Көөлүү, Кайыңды, Оттук, Сары-Жаз жайыттарына башка р-ндордун малдары да багылат. Жалпы аянттын $^1/_3$ а. ч-сына ыңгайлуу, 48,5 миң *га* айдоо аянты бар (1974), анда негизинен дан эгиндери, картошка, жүгөрү, тоют чөп-

рү ж. б. эгилет. Калган бөлүгү — жайыт, чөп чабынды ж-а дың жер. Райондо *Жыргалаң курорту, Ак-Суу* санаторийи бар. Жол катнашуунун негизги түрү — шоссе жолу. Эңилчек, Көөлүү ж. б. бийик тоолуу сырттагы жайыттарына шоссе жолдору аркылуу катташат. А.-С. р-нунда 16 орто, 15 сегиз жылдык, 1 башталгыч мектеп, 3 балдар бакчасы, 32 дарылоо мекемелери (анын ичинен 5 ооруканa), 33 китепкана, 20 клуб, райондук турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат, соода ишканаларынын түйүндөрү бар. 1974-ж-дан тартып «Знамя Труда» аттуу райондук газета чыгат. Тарыхый эстеликтерден Түргөндө (6—12-к-га таандык) таш мололор сакталып калган.

АК-СУУ-АРАШАН — Ысык-Көл обл-ныш Ак-Суу р-нундагы өсүмдүктөргө бай, карагайлуу, бадалдуу, ысык булак чыккан тоолуу кооз жер. Тескей Ала-Тоосунун түн. капталында, Алтын-Арашан суусунун ортоңку ж-а Алмалуунун (Ак-Суунун куймалары) төмөнкү агымынан орун алган. Райондун борбору Теплоключенкадан 10—20 *км* түштүктө. Басымдуу бийикт. 2500—2800 *м*, эң бийик жери 3500 *м*. Аянты 30—35 $км^2$. Меридиан багытында созулган субсеквенттик типтеги өрөөн; таманы түзөң, тоо капталдары тик (30—40°), төмөн жагында (түндүгүндө) кууш капчыгай бар. Жайы жылуу (июлдун орточо темп-расы 12—15°С), кышы жумшак (январдыкы 5—10°С). Жылдык жаан-чачындын саны 500—700 *мм*. Токойдо элик, суур, каракур, коңгучкөн, алагүү; аска-зоолордо улар, тоо эчки көп, илбирс да кездешет. Малга жайлуу. Алмалуу айрыгында балдардын шал оорусунун калдыгын дарылоочу *Ак-Суу* санаторийи, Алтын-Арашанда эмгекчилер эс алып, дарылануучу үйлөр бар.

АК-СУУ-ЖАБАГЛЫ КОРУГУ — Каз. ССРиндеги Чимкент ш-ныш чыгышында 90 *км* аралыкта, Талас Ала-Тоосунун түн.-бат. ж-а бат. жагына жайгашкан мамл. туңгуч корук. А. ж. к. бул жердин жаратылыш байлыгын коргоо ж-а изилдөө максатында 1926-ж. уюштурулган. Аянты 75 миң *га*. Тоо этектери бетеге-шыбактуу келип, өсүмдүктүн 1200 түрү кездешет, утуру бийиктеген сайын арчалуу суюк токойго айланып, бийик тоолуу шалбаага өтөт. Анда элик, марал, доңуз, аркар, тоо теке, илбирс, аюу, кирпи, улар көп; тоодак, безбелдек, кызылт кара чыйырчык, кош аяк чычкан ж. б. жандыктар да жашайт. А. ж. к-нун аймагынан Ак-Суу д-сы агып өтөт.

АКТ (лат. actus — кыймыл) — драмалык чыгарманын же спектаклдин бир бөлүгү. Театрда А. антракт (танапис) м-н ажыратылат.

АК-ТАЛ — Нарын обл-ныш Ак-Талаа р-нундагы Кызыл Октябрь сельсоветине караштуу кыштак. «Коммунистчил» к-зунун аймагында. Райондун борбору Дөрбөлжүндөн 40 *км* түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 265 *км*. Калкы 714 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

АК-ТАЛ СУУСУ — Ак-Талаа р-нундагы суу, Нарын д-ныш сол куймасы. Уз. 40 *км*, алабынын аянты 247 $км^2$. Байбиче тоосунан башталып, баш жагы куш капчыгай м-н агат. 19 майда куймасы бар, эң приси — Мазар (26 *км*). Кар, жаан-чачын ж-а булактардан куралат. Май айында кирип, июнь — июлда ташкындайт, күзүндө тартылат. Жылдык орточо чыгымы 2,13 $м^3$/*сек*.

АК-ТАЛАА — Нарын обл-ныш Ат-Башы р-нундагы Кара-Суу сельсоветине караштуу кыштак. Калинин атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Ат-Башыдан 29 *км* түш.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 268 *км*. Калкы 1822 (1971). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АК-ТАЛАА — Нарын обл-ныш Кочкор р-нундагы Кара-Суу сельсоветине караштуу кыштак. «Коммунизм» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кочкордон 50 *км* бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 110 *км*. Калкы 436 (1973). Башталгыч мектеп, китепкана, медпункт бар.

АК-ТАЛАА — Нарын обл-ныш Тянь-Шань р-нундагы Казан-Куйган сельсоветине караштуу кыштак. Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын бир бөлүгү. Нарын ш-нан 35 *км* бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 222 *км*. Калкы 647 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, ооруканa бар.

АК-ТАЛАА РАЙОНУ — Нарын обл-дагы админ. район. 1936-ж. уюшулган. Чыгышынан Тянь-Шань р-ну, түндүгүнөн Жумгал р-ну, батышынан Чаар-Таш (Ак-Шыйрак) тоосу аркылуу Тогуз-Торо р-ну, түштүгүнөн Байбиче тоосу аркылуу Ат-Башы р-ну м-н чектешет. Аянты 6,4 миң $км^2$. Калкы 20,4 миң (1974). Райондо 7 колхоз, 17 кыштак бар. Борбору Дөрбөлжүн кыштагы. А.-Т. р-ну *Ички Тянь-Шанда*, Нарын д-ныш ортоңку бөлүгүнө жайгашкан. Жери тоолуу, түн. тарабында Молдо-Тоо, түштүгүндө Жаман-Тоо, түш.-батышында Фергана кырка тоолору жатат. Нарындын куймасы Алабуга суусунун боюндагы түзөңдөрдө терең сай ж-а коолор м-н адырлуу чаптар жатат. Райондун аймагы деңиз деңг. 1170—4737 *м* бийиктикте. Кен байлыктарынан курулуш материалдары бар. Климаты кескин континенттик, кышы узак ж-а суук, кар аз түшөт. Январдын орточо темп-расы — 25÷ —30°С, июлдуку 20—25°С. Жылдык жаан-чачын 200—300 *мм*. Ири суулары: *Нарын* ж-а *Алабуга*, мындан башка Ата, Жерге-Тал, Жаман-Даван, Мазар, Терек, Ак-Тал ж. б. суулары бар. Соң-Көл ушул райондун түндүгүндө жайгашкан. Кыртышы негизинен боз ж-а күрөң топурактуу, ташта-

тактуу боз топурак жерлерде шыбак, эрмен, кара бүргөн, эбелек ж. б. өсөт. Тоолуу белүгү бетегелүү. Калкы негизинен кыргыздар. 1 $км^2$ жерге 3 киши туура келет. Райондун негизги чарбалык багыты — мал чарбачылыгы. Уйң жүндүү кой чарбасы жакшы өнүккөн. 1974-ж. маалымат б-ча 310 миңден ашык кой-эчки, 7 миңден ашык уй, топоз, 7 миңге жакын жылкы болгон. Алар райондогу 325 миң *га* жайытта багылат. Чоң жайлоолору: Соң-Көл, Бычан, кыштоосу — Орто-Сырт. Райондун Ак-Сай, Арпа өрөөндөрүндө да мал кыштайт. 9,6 миң *га* жерден табигый чөп ж-а эгилме жемчөп алынат, колхоздордогу 14 миң *га* айдоо аянтына арпа, сулу, беде, эспарцет эгилет. Аздыр-көптүр буудай да айдалат. Ө. ж-нан Дөрбөлжүндө кирпич ж-а сүт з-ддору бар. Райондун трансп. катнашуусунда шоссе жолунун маанисн чоң. Соң-Көл, Бычан, Орто-Сырт сыяктуу ири жайлоолорго шоссе жолдору курулган. Нарын автомоб. тракты да ушул райондун аймагы аркылуу өтөт. Жайкысын Нарын аркылуу Фрунзе — Дөрбөлжүн, Дөрбөлжүн — Тогуз-Торо аба жолу ачылат. А.-Т. р-нунда 17 мектеп, 13 клуб, 17 китепкана, 3 ооруканa, 15 медпункт ж-а элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат бар. 1962-ж-дан бери «Колхоз эмгеги» аттуу райондук газета чыгат. Тарыхый эстеликтери: Шырдакбектин коргону, Тайлак баатырдын күмбөзү.

АК-ТАМ — Ош обл-ныш Ала-Бука р-нундагы Ак-Там сельсоветине караштуу кыштак. «Октябрь» с-зунун аймагында, райондун борбору Ала-Букадан 42 *км* түш.-чыг. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 70 *км*. Ала-Бука — Караван шоссе жолунун боюнда. Калкы 1960 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, ооруканa бар.

АК-ТАТЫР — Ош обл-ныш Баткен р-нундагы Самаркандык сельсоветине караштуу кыштак. В. И. Лениндин 100 жылдыгы атн. с-здун аймагында. Баткен — Исфана шоссе жолунун боюнда, райондун борбору Баткенден 25 *км* түш.-бат. тарапта. Шураб т. ж. станциясынан 15 *км*. Калкы 535 (1971). Медпункт бар.

АК-ТАШ — Ош обл-ныш Кара-Суу р-нундагы Ак-Таш сельсоветине караштуу кыштак. «Коммунизм» к-зунун аймагында. Кара-Суу т. ж. станциясынан 12 *км* түш.-бат. тарапта. Калкы 1504 (1970). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

АК-ТЕКТИР — Ош обл-ныш Токтогул р-нундагы Ак-Чий-Кара-Суу сельсоветине караштуу кыштак. Токтогул атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Токтогулдан 35 *км* бат. тарапта, Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 185 *км*. Калкы 1665 (1974). Орто мектеп бар.

АК-ТЕРЕК — Ош обл-ныш Кара-Суу р-нундагы Папан сельсоветине караштуу кыштак. «Кеңеш» с-зунун

аймагында. Кара-Суу т. ж. станциясынан 62 *км* түш.-чыг. тарапта. Калкы 671 (1970). Сегиз жылдык мектеп ж-а медпункт бар.

АК-ТЕРЕК — Ош обл-ныи Өзгөн р-нундагы Жалпак-Таш сельсоветине караштуу кыштак. «Куршаб» с-зунун аймагында. Райондун борбору Өзгөндөн 44 *км* түш. тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 40 *км*. Калкы 674 (1974). Башталгыч мектеп бар.

АК-ТЕРЕК — Ош обл-ныи Өзгөн р-нундагы Октябрь сельсоветине караштуу кыштак. Кыргызстандын 50 жылдыгы атн. с-здун аймагында. Райондун борбору Өзгөндөн 38 *км* түн.-чыг. тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 103 *км*. Калкы 541 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

АК-ТЕРЕК — Ош обл-ныи Сузак р-нундагы Кызыл-Туу сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Райондун борбору Сузактан 40 *км* түн. чыг. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 35 *км*. Калкы 625 (1974). Башталгыч мектеп, медпункт бар.

АК-ТЕРЕК — Ысык-Көл обл-ныи Тоң р-нундагы суу. Тескей Ала-Тоосунун түн. капталынан башталып, Ысык-Көлгө куят. Чыг. ж-а Бат. Кара-Суу өзөндөрүнүн кошулушунан пайда болот. Куймалары: Коңур-Өлөң, Мамбет-Тор, Ийри-Суу, Ичке-Тор. Уз. 15 *км* (Ак-Терек деп аталышынан баштап), алабынын аянты 722 *км*² (4% ти мөңгү). Эң ири куймасы — Мамбет-Тор (уз. 18 *км*). Саздан башталгандыктан, суунун көлөмү жыл ичинде көп өзгөрбөйт. Жылдык орточо чыгымы 4,47 *м*³/*сек*, эң көбү (авг.) 7,45 *м*³/*сек*, эң азы (февр.) 3,73 *м*³/*сек*. Сугатка кеңири пайдаланылат. Алабында Коңур-Өлөң көлү бар (аянты 0,50 *км*²). Жээгинен Дөң-Талаа, Ак-Терек кыштактары орун алган.

АК-ТЕРЕК, Сулуу-Кыргоо — Ысык-Көл обл-ныи Жети-Өгүз р-нундагы Жаргылчак сельсоветине караштуу кыштак. «Үлгүлүү-Жаш» к-зунун аймагында. Райондун борбору Покровкадан 25 *км* бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 158 *км*. Калкы 1731 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт, төрөт үйү бар.

АКТЁР (фр. acteur, лат. actor — аткаруучу) — драмалык спектаклдерде ж-а фильмдерде роль аткарчу адам. Опера, балет спектаклдеринде, эстрада, цирк оюндарында көбүнчө артист деп аталат, к. *Актёрдук искусство*.

АКТЁРДУК ИСКУССТВО — театрда ойноо, сахналык образ түзүү өнөрү. А. и. пьесанын мазмунуне, жанрына, стилине ж. б. жараша болот. Театр оюнун корсотүүдө актёр ойноп жаткан каармандын ички дүйнөсүн ачып, мүнөзүн табууга аракеттенет. Буга ал тубаса мүмкүнчүлүктөру: үнү (операда, вокалдык иск-водо), дене түзүлүшү, кыймыл-аракети (балетте, бийде), мимикасы, эмоционалдуулугу, эриткичтердин буусун сиңирүү жолу м-н жыйнап, кайра өндүрүшкө жумшоодо, противогаз жасоодо, эритмелерден орг. заттарды болүүдө, медицинада ж. б-да колдонулат.

АКТИВДҮҮ ЭС АЛУУ, к. *Эс алуу*.

АКТИВДҮҮЛҮК — заттардын реалдуу эритмелериндеги иондордун ж-а молекулалардын нагыз концентрациясын туюнтуучу чоңдук, б. а. эффективдүү концентрация. Берилген компоненттин активдүүлүгүнүн (*a*) концентрациясына (*c*) болгон катышы $a:c=f$ А. коэффициенти (*f*) деп аталат. Ал эритмелердин тең салмактуулугун эсептөөдө, элементтердин нормалдык потенциалын аныктоодо ж. б. колдонулат.

АКТИВДҮҮЛҮК КАТАРЫ, чыңалуу катары — электролит эритмелериндеги металлдардын электроддук потенциалдары б-ча жайланыш катары. А. к-на салыштыруу үчүн металлдардан башка суутек да киргизилет: li, K, Ca, Na, Mg, Al, Mn, Zn, Fe, Sn, H, Cu, Ag, Au. Металлдардын А. к-дагы ээлеген орду шарттуу, анткени электроддук потенциалдар эритменин составына, концентрациясына көз каранды. А. к-дагы ар бир металл, өзүнөн кийин жайланышкан металлдарды туздарынан, ал эми суутектен мурда орун алган металлдар аны кислоталардан бөлүп чыгарат. А. к-дагы элементтер бири биринен канчалык алыс жайланышса, алардан түзүлгөн гальваникалык элементтер ошончолук көп чыңалууну берет.

АКТИЙНИЙ (лат. Actinium, гр. aktis — нур), Ac — Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасынын III тобунан орун алган радиоактивдүү элемент, ат. н. 89. А-дин туруктуу изотобу жок, радиоактивдүү 10 изотобу (массалык сандары 221—230) белгилүү. Бир кыйла туруктуураагы ^{227}Ac. А-ди 1899-ж. француз химиги А. Дебьерн ачкан. Жер кыртышында А. $6 \cdot 10^{-10}$%, күмүш түспөл агыш металл; эрүү t 1050°±50°C, кайноо t 3300°C. Реакцияга тез кирет; абада оңой кычкылданат; туз ж-а азот к-таларында жакшы эрийт. Хим. бирикмелерде үч валенттүү; туздары ак түстө, эритмелери түссүз. А. лантан сыяктуу суюда эрибеген бирикмелерди пайда кылат. А-дин суу кычкылы Ac(OH)$_3$ лантандын суу кычкылына la(OH)$_3$ караганда негиздик касиетке көбүрөөк ээ. Радий ^{226}Ra изотобун нейтрондор м-н нурлантуудан ^{227}Ra алынат. ^{227}Ra изотобу жарым ажыроо мезгилинде ^{227}Ac өтөт. А. нейтрондорду алууда колдонулат.

АКТИНИЯЛАР (actiniaria), деңиз анемондору — коралл полиптер классындагы ичеги көңдөйлүүлөр түрү. Көбүнчө жалгыз, кээде топ-топ болуп жашайт. Денеси цилиндр сыяктуу, үстүңкү жагында тинтүүр м-н курчалган оозу бар. А. тропиктик жана субтропиктик сууларда болот. СССРде Кара деңизде, Түн. ж-а Ы. Чыгыш деңиздеринде бар. А. омурткасыз майда жаныбарларды, балыктарды дүүлүктүргүч тинтүүр м-н эсин оодарып же өлтүрүп жейт. Тинтүүрү адамга тийсе, тызылдатып ачыштырат.

АКТИНО... (гр. aktis — шоола) — таталл сөздөрдүн маани жактан (1) «шоолалуу» деген сөзгө (мис., *актиномиков*), (2) «шоола энергиясы» сөз айкашына (мис., *актинограф*) туура келүүчү составдык болугу.

АКТИНОГРАФ (*актино...* ж-а гр. graphe — жазып жатам) — күн радиациясын автоматтык түрдө тынымсыз жазып туруучу прибор. А. кабыл алуучу ж-а каттоочу бөлүктөрдөн турат. Күнгө багытталып айланган кабыл алуучу бөлүктүн ролун — көбүнчө термоэлектрдик актинометр, каттоочу бөлүктүкүн гальванограф аткарат.

АКТИНОИДДЕР, актиноиддер — Д. И. Менделеевдин системасынын VII мезгилинде актинийден кийин орун алган ат. н. 90 дон 103 ко чейинки элементтер. А-дн синтездөөгө урап жаратылышта кеңенирээк таркалып, мурдатан белгилүү. Калган А. жасалма жол м-н ядролук реакциялардан алынып трансуран элементтери деп аталат. Азырынча уран м-н плутонийдин ^{235}U, ^{233}U, ^{239}Pu изотоптору ядролук реакторлордо — отун, атомдук бомбаларды жасоодо жарылткыч заттар катары колдонулат.

Ад.: Сиборг Г., Кац Дж., Химия актинидных элементов (пер. с англ.), М., 1960; Сиборг Г., Искусственные трансурановые элементы (пер. с англ.), М., 1965.

АКТИНОЛИТ (*актино...* ж-а гр. lithos — таш), нурлуу таш — амфиболдор тобундагы минерал. Хим. формуласы $Ca_2(Mg, Fe^{2+})_5[Si_4O_{11}]_2(OH)_2$. *Моноклин системасында* кристалланат. Өңү жашыл, айнек сымал жалтырак. Катуулугу *Моос шкалаcы* б-ча 5,5—6, салышт. салм. 3,1—3,3. А.— метаморфизмделген сланецтерди, скарндарды түзүүчү минералдардын бири. Талал ичке булалардан турган түрү — актинолит-асбест (амиант), майда кристаллчалардан түзүлгөн тыгыз түрү нефрит (жад) деп ата-

Элементтин аты, символу		Атомдук номери	Электрондук конфигурациясы			Валенттүүлүгү
			5-катмар	6-катмар	7-катмар	
			s p d f	s p d	s	
Торий	Th	90	2 6 10 0	2 6 2	2	(2), 3, 4
Протактиний	Pa	91	2 6 10 2	2 6 1	2	3, 4, 5
Уран	U	92	2 6 10 3	2 6 1	2	(2), 3, 4, 5
Нептуний	Np	93	2 6 10 4	2 6 1	2	(2), 3, 4, 5, 6
Плутоний	Pu	94	2 6 10 6	2 6 0	2	(2), 3, 4, 5, 6
Америций	Am	95	2 6 10 7	2 6 0	2	(2), 3, 4, 5, 6
Кюрий	Cm	96	2 6 10 7	2 6 1	2	3, 4
Берклий	Bk	97	2 6 10 8	2 6 1	2	3, 4
Калифорний	Cf	98	2 6 10 9	2 6 1	2	3
Эйнштейний	Es	99	2 6 10 11	2 6 0	2	3
Фермий	Fm	100	2 6 10 12	2 6 0	2	3
Менделевий	Md	101	2 6 10 13	2 6 0	2	3
Нобелий	No	102	2 6 10 14	2 6 0	2	3
Лоуренсий	Lr	103	2 6 10 14	2 6 1	2	3

ж-а алардын каснеттерин изилдөөго амер. окумуштуу Г. Сиборг зор салым киргизген. Бардык А. радиоактивдүү болгондуктан, туруктуу изотобу болбойт. Алардын көэ бир мүнөздөмөсү таблицада берилген.

А. атомдорунда электрондук 6(*6d*) ж-а 7($7S^2$) сырткы катмарлардын электрондорго толуктанышы токтолот. Торийден Лоуренсийди көздөй электрондук катмар электрондор м-н толуктанат. Хим. касиеттери б-ча жеңил (ат. н. 90—95) ж-а оор А. (ат. н. 96—103) болуп бөлүнөт. Оор А. хим. касиеттери б-ча лантаноиддерге окшош келип, көбүнчө 3 валенттүү болот, б. а. сырткы 3 электрону ($7S^2$ ж-а $6d^1$) валенттик электрон болуп саналат. Жеңил А.— 5f катмардын электрондорун пайдалануу м-н үчөн да жогорку валенттүүлүктү көрсөтүшү мүмкүн. Лантаниддерде болсо электрондук 4-катмар электрондор м-н толукталат. А-дин ичинен торий, лат. Нефрит кооздук таш катары колдонулат, актинолит-асбесттен отко, кислотага чыдамдуу материалдар жасалат.

АКТИНОМЕТР (*актино ...* ж-а гр. metrio — ченейм) — күн радиациясынын интенсивдүүлүгүн ченөөчү прибор. А-дин иштөөсү караңгы перде күн радиациясын өзүнө сиңирип алып, аны жылуулук энергиясына айландырууга негизделген. Күн радиациясынын интенсивдүүлүгү жылуулук калориясы м-н ченелет. Жаратылышта чылк кара перде кездешпегендиктен, практикада А. үчүн бети карартылган платина пластинкасы же көмүр ыштары колдонулат. Алар күн жылуулугунун 98%ин сиңире алат. Күн радиациясын тикеденткө жылуулук калориясы м-н ченөөчү приборлор абс. А-лер деп аталат. А. күн нурларынын энергиялык балансын ж-а кургакчылыкты изилдөө иштеринде колдонулат.

АКТИНОМЕТРИЯ — *геофизиканын* атмосферада, гидросферада ж-а жер бетинде күн радиациясынын таралышын, өзгөрүлүшүн изилдөөчү бөлүгү. Түз чачыраган, чагылышкан ж-а узун толкундуу күн нурлары м-н атмосферадагы радиация балансын сан ж-а сапат жагынан изилдөө, атмосферада, гидросферада ж-а жер бетиндеги күн энергиясынын өзгөрүүлөрүн өлчөө методдорун иштеп чыгуу ж-а коректүү приборлорду жасоо — А-нын негизги милдети. А. *атмосфералык оптика* ж-а *спектроскопия* м-н тыгыз байланыштуу. О. эле гелиофизика, атмосферанын бийик ж-а жерге жакын катмарын изилдөө физикасы м-н жалпы жактары бар. А. б-ча жүргүзүлгөн эксперименттик, теориялык иштердин жыйынтыктары климатологияда, а. ч-да ж-а ө. ж-да, медицинада, архитектурада, транспортто, аэрология м-н метеорологияда колдонулат.

АКТИНОМИКОЗ (гр. actinos — нур, mykes — гриб) — адамда, малда нур түспөлүндөгү актиномицеттерден пайда болуучу жугуштуу оонокөт оору. 1-жолу (1845) бул ооруну нем. хирургу Б. Лангенбек сыпатап жазган. Адамдын оозунда, ичеги-карынында жашоочу зыянсыз грибоктор белгилүү шарттарда А-ду пайда кылат. А. негизинен тамак сиңирүү органдары, кээде аба аркылуу жугат. Организмге кирген грибокту клеткалык тосмолор ж-а бириктирүүчү ткандын кабыктары каптаганда актиномикома (*шишик*) пайда болот. Ал ириңдегенде тешилип, кан аралап ириң чыгат. А. темп-рапын көтөрүлүшү, шишиген жердин оорусу м-н мүнөздөлөт. А-го ар кандай орган, ткандар чалдыгат. Шишиктен чыккан ириң кан, лимфа аркылуу тарайт. Дарылоодо актиномицеттүү вакцина, антибиотиктер, сульфаниламиддер, кан куюу ж. б. колдонулат. А. м-н көбүнчө үй, чанда чочко, кой, эчки, жылкы ылаңдайт. Ооруну актиномицет митеси же жалтырак грибоктор козгойт. Мал грибоктору бар саман, топон жегенде, грибоктор алардын ткандарына жараланган былжырлуу чел же тери аркылуу өтүп, ылаңга чалдыгат. Дарт малдын жаак сөөгүндө, этинде, моюнунда, кээде өпкөдө, көөдөндүн ички челинде, ичегиде ж. б. кездешет. Ал сөөк ткандарды жумшартып, шишитет ж-а ириңдетет. Ириңде жалтырак сымал саргыч грибоктор болот. Ооруган малдын этин тамак-ашка пайдалануура болбойт. Ылаңды йоддуу препараттар, пенициллин м-н дарылайт. Жараат рентген нуру м-н какталат, көнчүлүк учурда кесилип салынат. Профилактика катары саман, топон буулантылып, жумшартылып берилет.

АКТИНОМИЦЕТТЕР (Actinomicetes), стрептомицеттер — бактерияларга, козу карындарга да окшогон микроорганизмдердин тобу. А. кап-

тал бутакчасы бар ичке жипче, таякча ж-а кокк түрүндө болот. А-ге актиномицет уруусу, проактиномицеттер, микобактериялар, микококтор, микромоноспоралар ж. б. кирет. А-дин ичинен оору козгоочулары (актиномикоз, туберкулёз, кептеөр) бар. А. топуракта, көлчүктөрдө, абада, өсүмдүктөрдүн калдыктарында болот. Көпчүлүк А. орг. заттар м-н азыктанат. А. темп-расы 5—70°С болгон аэробдук ж-а анаэробдук шарттарда жашай берет. А. топурактагы ар түрдүү процесстерге (аммонийлештирүү, клетчатканын ажырашына, чириндинин синтезине ж-а ажыроосуна) катышат. А-дин көпчүлүгү антибиотиктерди, витаминдерди, пигменттерди, аминокислоталарды ж. б. биол. активдүү заттарды пайда кылат.

АКТИНОЦЕРАТОИДЕИ (actinoceratoidea) — тукум курут болгон баш буттуу моллюскалар. Ордовик мезгилинен таш көмүр мезгилине чейин жашаган. Башка баш-буттуулардан айырмасы бул: раковинасынын газ алып жүрүүчү камерасын бириктирүүчү симфонунда узунунан кеткен ж-а радиалдык түтүкчөлөрү бар. А-нин 50 ге жакын уруусу белгилүү. А. ордовик ж-а көмүр мезгилинде пайда болгон тоо тектердин геол. жашын аныктоодо маанисн бар.

АКТОМИОЗИН — актин ж-а миозинден турган булчуң талчаларынын комплекстүү белогу. Миофибриллдин жыйрылуу жөндөмдүүлүгүн тактоочу булчуңдагы негизги белок, к. *Булчуңдар*.

АКТОО — соттолуучунун күнөөсүз деп табылышы. А. өкүмү сот заседаниесинде уголовный иш каралгандан кийин төмөнкү учурларда гана чыгарылат: соттолуучуну күнөөлөчү кылмыш окуясы аныкталбаса, анын аракетинде кылмыш составы болбосо, кылмышка катышкандыгы далилденбесе. Акталган адамды соттолгон деп эсептөөгө болбойт.

АК-ТООК — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Кыз-Көл сельсоветине караштуу кыштак. «Дружба» с-зунун аймагында. Райондун борбору Сузактан 34 *км* түн.-чыг. тарапта, Жалал-Абад ш-нын түндүгүндө, Коду суусунун боюнда жайгашкан. Калкы 1444 (1974). Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

АК-ТОРПОК — Москва р-нундагы Ак-Суу сельсоветине караштуу кыштак. Райондун борбору Беловодскийден 10 *км*. түш. тарапта, Беловодский т. ж. станциясынан 14 *км*. Калкы 370 (1973). Башталгыч мектеп, клуб, медпункт бар.

АК-ТӨБӨ ШААР УРАНДЫСЫ — алгачкы о. кылымдагы чоң шаардын урандысы. Талас ш-нын жанында. Структурасы б-ча узун дубалдуу шаарлардын схемасына толук дал келет (к. *Ак-Бешим)*, чеби борб. белугүнө жайгашкан. Калк турбаган бөлүгүн коргоочу дубалынын уз.





Турак жай. 1 — дубалы; 2 — эшик сырты; 3 — кире бериш жери; 4 — турак жай дубалынын шыбагындагы кооздук оймочийме.

16 *км* ден ашык. 1937-ж. ж-а 1957—60-ж-да жүргүзүлгөн казуу жумуштарында турак үйлөрдүн калдыктары, чеп курулуштары, коргонуу имараттары, кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн калдыктары табылган. Табылган буюм материалдарынын бүткүл комплекси ал жерде шаар 7—12-к-да болгондугун айкындайт. Шаардын геогр. жактан орун алышы Текабкет шаар урандылары м-н окшош деп айтууга негиз берет.

АК-ТӨР — Кичи-Алай кырка тоосунун чыгышындагы тоо. Гүлчө-Куршаб сууларынын алабында. Уз. 20 *км*, бийик. батышында 3000, чыгышында 5000 *м*. Эң бийик жери 5380 *м*, өрөөндөрү аны башка тоолордон бөлүп турат. Мезозой ж-а кайнозой заманында пайда болгон тоо тектери м-н капталган. Чокуларын кар моңгүлөр каптап жатат. А.-Т-дөн Жылуу-Суу, Мурдаш суулары башталат. Бат. капталдарына субальпы (2800—3000 *м*), альпы (3000—3200 *м*), гляциалдык-нивалдык (3200 *м* ден жогору), чыгышы өтө жыш жылгаланган, ага жылаңач аска ландшафттары мүнөздүү.

АКТУАЛИЗМ (лат. actualis — азыркы, аныкы, чыныгы болуп жаткан), актуалисттик метод (геологияда) — Жердин өнүгүү тарыхын табигый-илимий жол м-н таануу методу. А. Жер бетиндеги азыркы учурда болуп жаткан кубулуштар м-н геол. процесстер (жанар тоолордун атылышы, жер титирөөлөр, тектоникалык кыймылдар, чөкмө тоо тектердин пайда болушу ж. б.) байыркы доорлордо да болгон деген түшүнүккө таянып, азыркы кездеги түрдүү геол. процесстерди ж-а алардын натыйжаларын изилдеп, салыштыруу-

нун негизинде өткөн мезгилдердеги жер бетинин түзүлүшүн, тоо тектердин пайда болуу шарттарын ж. б. болжолдоп аныктоого болот. Бирок материалисттик көз караш б-ча өткөн мезгилде алар дал азыркы кездегидей болушу мүмкүн эмес. Демек, А-ди маркстик диалектиканын позициясынан колдонуу талап кылынат. А. 16—17-к-да Жердин пайда болушун, анын өнүгүшүн илимий жол м-н далилдөө максатында диний көз караштарга каршы күрөшүүдөн келип чыккан. 20-к-да геол. кубулуштарды үйрөнүүдөгү илимий методдордун бирине айланган. А. методун өркүндөтүүдө Иби Сина, Берүни, Леонардо да Винчи, Н. Стено, М. В. Ломоносов, Дж. Геттон, Ч. Лайель, Н. И. Андрусов, А. Д. Архангельский, Н. М. Страхов ж. б-дын эмгектери зор.

Ад.: Энгельс Ф., Диалектика природы, М., 1969; Жемчужников Ю. А., К вопросу о современном состоянии актуалистического метода в литологии, в кн.: Литологический сборник, вып. 1, Л.—М., 1948; Куражковская Е. А., Проблема развития неорганической природы в принцип актуализма в геологии, в кн.: Философские вопросы естествознания, ч. 3., М., 1960.

АК-ТУРПАК — Ош обл-нын Баткен р-нундагы Кара-Бак сельсоветине караштуу кыштак. «Биринчи Май» с-зунун аймагында, Сох суусунун жээгинде жайгашкан. Райондун борбору Баткендөн 33 *км* түн.-чыг. тарапта. Исфара ш-нан (Таж. ССРи) 38 *км*. Калкы 463 (1971). Башталгыч мектеп, медпункт бар.

АК-ТУРПАК — Ош обл-нын Фрунзе р-нундагы Ак-Турпак сельсоветине караштуу кыштак. Сох суусунун боюнда жайгашкан. «Бүргөндү» с-зунун аймагында. Райондун борбору Фрунзенскийден 110 *км* бат. тарапта, Бек-Абад т. ж. станциясынан 47 *км*. Калкы 2282 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана бар.

АК-ТУЗ — Кемин р-нундагы Ак-Туз поссоветине караштуу шаар тибиндеги посёлок. Кичи-Кемин өрөөнүндөгү Ак-Туз капчагайынын түбөөнүндө, райондун борбору ж-а т. ж. станциясы Быстровкадан 45 *км* түн.-чыг. тарапта, Фрунзе ш-нан 140 *км* аралыкта. Калкы 3075 (1970). Кен байытуу ф-касы, Орловка тигүү ф-касынын филиалы, орто ж-а кечки жаштар мектеби, 3 китепкана, маданият ж-а пионерлер үйү, поликлиника ж-а оорукана бар. А.-Т. райондун борбору м-н шоссе жолу аркылуу байланышат.

АК-ТУЗ РУДА ТАЛААСЫ — сейрек кездешүүчү металлдар ж-а полиметалл кендери жайгашкан Иле Ала-Тоосунун түш. капталындагы аймак. Уз. 7 *км*, туурасы 2 *км*. Аның геол. түзүлүшүндө *кембрийге чейинки метаидде* пайда болгон гнейстер м-н амфиболдуу сланецтер бар. Бул тоо тектерди каледондун диорит, гранодиорит, герциндин порфирлүү аляскит, гранофир интрузиялары ж-а алар м-н байланыштуу болгон аплит, порфирит, альбитит сыяктуу тоо тектердин *дайкалары* жиреп чыккан. Гнейстер ж-а сланецтер бүктөлүүнүн натыйжасында түн.-чыг. багытындагы синклиналды пайда кылып, аның ийилген бөлүгү экинчи даражадагы антиклиналдык түзүлүш м-н татаалданган. Бул түзүлүштөгү тоо тектер негизинен түн.-чыг. ж-а чыг. тарапка багытталган көптөгөн тектоникалык терең жаракалар м-н тилкеленген. Руда талаасында сейрек кездешүүчү металлдар м-н коргошун-цинктин чоң-кичине олчомдогу он чакты кендери бар. Алар пермь мезгилинин лейкократтуу гранит интрузияларына байланыштуу. Руда дайыма тектоникалык жаракалардын кесилишинде амфиболдуу сланецтердин, аляскит граниттеринин ж-а гранофирлердин метасоматикалык өзгөрүүлөрө учураган жерлериндеги майдаланып, талкаланган зоналарга топтолгон. Алар герцин металлогениялык доордун аяк чегинде гидротермалык жол м-н пайда болгон. Руданын таралышы бардык жерде бирдей эмес. Алар тарамча, линза, уяча ж-а чачыранды бүртүкчөлөр ж. б. түрүндө. А.-Т. р. т-нда жайгашкан кендердин өн. ж-лык маанеси бар ж-а алардын айрымдары казылып алынууда.

АК-ТУЗ СВИТАСЫ — Тянь-Шань тоолорунда кездешүүчү эң байыркы тоо тек катмарлары. Ал Иле Ала-Тоосунун айрым жерлеринде кездешет. 1938-ж. А. А. Лавров аны өзүнчө *геол. свита* катары бөлүп, Ак-Туз пос-нун аты м-н атаган. Свита *метаморфизмделген* ар түрдүү гнейстер, кристаллдуу сланецтер, амфиболиттер ж-а эклогиттерден, кээде мраморлордон турат. Алардын калың. 5—6 миң *м*. Свита архей заманында пайда болгон деп болжолдонот.

АКТЮБИНСК (Ак-Төбө) — Каз. ССРинин Актюбинск обл-нын борбору. Мугалжар тоосунун түш.-батышында. Илек д-нын сол жээгинде. Калкы 150 миң (1970). А. ш-да Ферросплав ж-а хромит кошмо з-ддору, рентген аппаратурасын, а. ч. машиналарын жасоочу, автомашина ж-а геол. жабдыктарды өндөөчү, минералдык жер семирткичтерди өндүрүүчү ишканалары, тамак-аш ж-а женил ө. ж-лары бар.

АКТЮБИНСК (АК-ТӨБӨ) ОБЛАСТЫ. Каз. ССРинин составында. 1932-ж. 10-мартта түзүлгөн. Аянты 301,7 миң *км*². Калкы 550 миң (1970). Областта 13 район, 7 шаар тибиндеги посёлок бар. Борбору — Актюбинск. А. о. республиканын түн.-батышында. Жеринин бети негизинен түздүк (бийикт. 100—200 *м*), борб. бөлүгүндө Мугалжар тоосу (бийик жери Чоң-Бактыбай, 657 *м*) түндүктөн түштүккө карай созулуп жатат. А. о-нын аймагында хромит, жез, титан, алтын, фосфорит, таш көмүр ж. б. кендер бар. Климаты кескин континенттик, январдын орточо темп-расы — 16°С, июлдуку 22°С (түндүгүндө), 26°С (түштүгүндө). Жылдык жаанчачын 300 *мм* (түндүгүндө), 125 *мм* (түштүгүндө). Областтын аймагынан Эмба, Илек, Иргиз, Орь суулары агып өтөт. Ири көлү — Шалкардеңиз. Кыртышы түндүгүндө кара, түштүгүндө бозомук көңүр ж-а боз топурактуу. Өсүмдүктөрү: табылгы, терек, кайың (түндүгүндө), бөтөгө, шыбак (түштүгүндө) ж. б. Жаныбары: карышкыр, доңуз, түлкү ж. б.

А. о-да казак, орус, украин, татар ж. б. улуттар жашайт. Калкынын орточо жышт. 1 *км*² го 1,8 киши. Ири шаарлары: Алга, Октябрь, Хромтоо, Эмби.

А. о-нын өнөр жайы ж-а айыл чарбасы жакшы өнүккөн. Ө. ж-нын негизин кара металлургия, химия, машина куруу, металл иштетүү ж-а жерг. а. ч. продукцияларын иштеп чыгаруу тармактары түзөт. Жеринин 89% а. ч-на жарамдуу. 1956—58-ж-да 1,6 млн. *га* дың ж-а көптөн бери айдалбаган жерлер өздөштүрүлгөн. А. ч-нын негизги тармагы — дан чарбасы. Картошка, жашылча, жемиш өсүмдүктөрү да айдалат. Мал чарбасынан кой, эчки, уй, жылкы ж-а чочко багылат. Т. ж-дун уз. 1162 *км*. Шоссе жолдорунун уз. 13,9 миң *км*. Областта 9 атайын орто окуу жайы, 2 институт (пед., мед.), 388 китепкана, 355 клуб, край таануу музейи бар. «Коммунизм жолы» ж-а «Путь к коммунизму» аттуу газеталар чыгат.

АК-УЛАК КЕНИ — Нарын обл-дагы күрөң көмүр чыгуучу жер. Жумгал р-нундагы Миң-Куш ш. т. п-нан 1 *км* чыг. тарапта, Түн. Кабак тоосунун түш. капталында. Кен жерг. элге илгертеден белгилүү болгон. 1913-ж. С. Н. Новацкиний, 1915-ж. В. Н. Рябинин бул кен ж-до геол. алгачкы маалымат беришкен. 1947—48, 1950—52-ж-дары Кыргыз ССР геол. башкармасы геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кендин аймагы юра мезгилине таандык болгон «туура-кабак», «кызыл-соок», «ак-улак» деп аталган геологиялык *свиталардан* түзүлгөн. Кен «туура кабак» м-н «ак-улак» свиталарындагы 13 көмүр катмарынан турат. Алардын калың. 3,4—51,2 *м*. Көмүр күкүрттүү, күлү аз. Жалпы запасы 61566 миң *т*. Кен азырынча казыла элек.

АКУЛАЛАР — эбелек бакалоордуулар классындагы акула сымалдуулар түркүмүндөгү балыктар. А. 3 түркүмчөгө (азыркы мезгилдеги, байыркы жана мүйүздүү) бөлүнөт. Азыркы мезгилдеги А-ның (Selachoidei) уз. 0,5—20 *м* ге чейин (чоң А.) жетет. Башынын капталында беш бакалоор жылчыгы болот. Териси плакоид кабырчыгы м-н капталып, скелети ж-а сүзгүч канаттарының курлары кемирчектен турат. Оозу башынын асты жагында. А. көбүнчө океандарда, деңиздерде ж-а тропиктик дарыяларда (Амазонкада, Гангда) жашайт. СССРде Баренц, Балтика, Кара, Азов ж-а Ы. Чыгыштагы деңиздерде жолугат.



Акулалар (жогортон төмөн карай): гренландиялык, деңиз мышыгы, тикендүү, деңиз түлкүсү, плащтуу, сельд акулалары.

А-дын көпчүлүгү жумуртка, кээ бирлери тирүү туулат. А-дын жеми — омурткасыз айбанаттар, балыктар, үлүлдөр, курттар ж. б. А-дын көпчүлүгү жырткыч, кээде адамга да кол салат. Боорунан — май, этинен — тамак, скелетинен желим даярдалат.

АКУСТИКА (гр. akustikós — угуу) — үн жөнүндөгү илим. Тактап айтканда эң төмөнкү жыштыктан эң жогорку (10^{12}—10^{13} *гц*) жыштыктарга чейинки серпилгичтүү термелүүлөрдү, толкундарды ж-а алардын заттар м-н өз ара аракеттенишин, ал термелүүлөрдүн колдонулушун үйрөтүүчү физиканын бөлүгү. А. ж-дөгү тарыхый маалымат байыркы грек окумуштуусу Пифагорго (б. а. ч. 6-к.) таандык. А. 16-к-дан баштап тез өнүгө баштады. Г. Галилей үндүн бийиктиги м-н жыштылыгынын байланышын, М. Мерсенн үндүн абада таралуу ылдамдыгын аныктаган. 18-к-дын белгилүү окумуштуулары: Л. *Эйлер*, Д. *Бернулли* ж-а Ж. Д'Аламберлер стержень, пластинка ж-а кылдардын термелиштеринин толук теориясын иштеп чыгышкан. 19-к-да Б. Гельмгольц адамдын үнүнүн ж-а муз. үндөрдүн табиятын түшүндүрүп, угуу аппараты катарында кулактын физ. теориясын иштеп чыккан. Электрондук лампалардын, күчөткүчтөрдүн ж-а радионун өркүндөтүлүшү А-ның өнүгүшүнүн жаңы этабы болду. Мис., 1901-ж. иштелип чыккан үндүн магниттик жазылышы магнитофондо ж-а үндүү кинодо колдонула баштаган. А. негизинен үч чоң бөлүккө: жалпы, практикалык ж-а психофизиол. болуп бөлүнөт. Жалпы А-да ар кандай чөйрөдө үндүн пайда болуу, таркалуу ж-а кабыл алуу процесстеринин закон ченемдүүлүктөрү теория ж-а практика жүзүндө изилденет. Практикалык А-га: *электрдик, атмосфералык, архитектуралык* А. ж-а *гидроакустика* кирет (к. *Үн*). Адамдардын ж-а жаныбарлардын үн чыгаруу органдары аркылуу үндүн пайда бо-

лушу, үндүн угулушу А-ның психофизиол. болүүндө изилденет.

Ад.: Скучик Е., Основы акустики (пер. с нем.), т. 1—2, М., 1958—59; Красильников В. А., Звуковые и ультразвуковые волны в воздухе, воде и твердых телах, 3 изд., М., 1960.

АКУСТИКАДАГЫ ТОЛКУНДУК КАРШЫЛЫК — суюк же газ абалындагы чөйрөлөрдө таралуучу тайпак толкундун үн басымынын P чөйрөнүн бөлүкчөлөрүнүн термелүү ылдамдыгына v болгон катышы (P/v). А. т. к. толкундун формасына көз каранды болбостон, чөйрөнүн катуулук даражасын, б. а. деформацияланууга болгон каршылыгын мүнөздөйт. Ал $P/v=\rho c$ м-н туюнтулат. ρ — чөйрөнүн тыгыздыгы, c — үн ылдамдыгы. Эки чөйрөнү бөлүп турган тегиздикке тигинен түшкөн толкундун чагылуу жөсынуу кубулушу чөйрөнүн толкундук каршылыгына жараша болот. Эки чөйрөнүн толкун каршылыгы барабар болсо, үн толкуну чагылбастан өтүп кетет.

АКУСТИКАЛЫК ДЕФЕКТОСКОПИЯ — үндүн серпилгичтүү термелүүсүн колдонуучу негизделген персенин бүтүндүгүн текшерүү методу. Көбүнчө катмардуу конструкциялардын желим м-н бириктирилген, ширетилген жерлердеги кемчиликтерин, темир куймалардын сапатын текшерүүдө колдонулат, к. *Дефектоскопия.*

АКУСТИКАЛЫК ИМПЕДАНС — акустикалык каршылыкты мүнөздөөчү чоңдуктар. Акустикалык чөнөөлөрдө басым, интенсивдүүлүк, жыштык, таралуу ылдамдыгы ж-а басаңдоо коэффициенти деген мүнөздөмөлөр пайдаланылат. А. и. үн басымынын интенсивдүүлүгүнүн, чөйрөнүн толук (жыштыгынын белгилүү бир тилкесиндеги) каршылыгына болгон катышы м-н аныкталат. А. и. $Z=R+iX$ түрүндөгү комплекстүү сан. R — чөйрөнүн толук каршылыгынын активдүү, X — реактивдүү бөлүгү, $i=\sqrt{-1}$; R — акустикалык системанын үн чыгаруудагы сарп болгон энергиясы м-н, X чөйрөнүн инерциялык же серпилгич күчтөрүнүн реакциясы м-н байланышкан. А. и. СИ системасында $н\cdot сек/м^3$ м-н өлчөнөт. Үндүн таралуу шартын изилдөө учурунда мейкиндиктин ар кандай чекитинде үн талаасынын чоңдугу жеке эле үн булагынын кубаттуулугунан көз каранды болбостон, акустикалык каршылыктан да көз каранды болот. Тайпак толкундар үчүн А. и. чөйрөнүн толкундук каршылыгына барабар.

Ад.: Клюкин И. И., Колесников А. Е., Акустические измерения в судостроении, Л., 1968.

АКУСТИКАЛЫК КАВИТАЦИЯ, к. *Кавитация.*

АКУСТИКАЛЫК КҮЗГҮ — түшкөн үндү чагылдыруучу ж-а өлчөмү үндүн толкун узундугунан чоң болгон жылмакай бет. Колдонулушу ж-а формасы б-ча А. к. оптикалык күзгүгө окшош. Чагылган толкундун амплитудасы күзгүнүн чагылтуу даражасына, формасы күзгүнүн формасына жараша болот. Мис., тайпак А. к. толкундун формасын эмес анын таралуу багытын гана өзгөртөт. Парабола түрүндөгү күзгүлөр чогулуучу же чачыроочу толкундарды тайпак толкунга же тескерисинче айландырат. Көлмөлөрдөгү суунун бети, үйлөрдүн дубалы, шыбы, табигый тайпак акустикалык күзгүгө мисал болот.

АКУСТИКАЛЫК МАТЕРИАЛДАР — имараттардагы бөлмөлөрдүн акустикалык сапатын, касиетин жакшыртуу үчүн пайдаланылуучу материалдар. Ак. м. үн сиңирүүчү ж-а үн өткөрбөөчү материалдар болуп бөлүнөт. Үн сиңирүүчү Ак. м., биринчиден, ө. ж. ишканаларынын ж. б. имараттардын ичиндеги пайда болгон шуудалак үндөрдү сиңирүү үчүн, экинчиден, коомдук жайларда (залда, аудиторияда, радиостудияда) үндүн жакшы угулушун камсыз кылуу үчүн колдонулат. Үн сиңирүүчү материалдар катары айнек буласынан же минералдык кебезден жасалган тешиктүү плиталар ж-а акустикалык шыбактоо пайдаланылат. Үн өткөрбөөчү төшөлмө Ак. м. катарында полдун, шыптын ж-а дубалдын арасына асбестоцементтен, жыгач буласынан, борпоң пластмассадан ж-а минералдык кебезден жасалган серпилгич плиталар коюлат.

АКУСТИКАЛЫК НУРЛАНТКЫЧ — серпилгич чөйрөдө үн толкундарын пайда кылуучу түзүлүш. А. н-тар үн пайда кылуучу ар түрдүү перселерге, мис., серпилгич чөйрөдө катуу перселердин ж-а беттин термелишине (керилген кыл, пластина, мембрана ж. б.), абаны термелтүүгө (шыкырык, сирена, адамдын үн чыгаруучу аппаратына ж. б.), чөйрөнүн температынын өзгөрүшүнө (термофон, ионофон) ж. б. негизделет. А. н-тын негизги мүнөздөмөлөрү: нурлантуучу жыштыктын диапазону, нурлануунун кубаттуулугу ж-а багыттуулугу. Колдонулушуна жараша бул мүнөздөмөлөрго да ар түрдүүчө талап коюлат; мис., катуу сүйлөгүч 30 *гц* тен 16 *кгц* ке чейинки жыштыкта үндү бардык багытка таратат.

АКУСТИКАЛЫК ӨЛЧӨӨ — үндү ж-а чууну мүнөздөөчү чоңдуктарды өлчөө. А. ө-дө жүргүзүлүүчү негизги чоңдуктарга: үндүн басымы, интенсивдүүлүгү, термелүүнүн ылдамдыгы, жыштыгы, мезгили ж-а басаңдоо коэффициенти кирет. А. ө-лөр үчүн негизинен электрондук аппаратар колдонулат. Мис., басымын чөнөөдө газдар үчүн микрофон, суюктуктар үчүн *гидрофон*, чууларды өлчөөдө чуу өлчөгүч колдонулат.

АКУСТИКАЛЫК РЕЗОНАТОР — сыртқы чөйрө м-н кичинекей жылчык же түтүкчө аркылуу байланышта болгон идиш. А. р-дун негизги өзгөчөлүгү — толкун узундугу резонатордун өлчөмүнөн бир кыйла чоң болгон төмөнкү жыштыктагы өздүк термелүүнү пайда кылууга жөндөмдүүлүгү. А. р-ду 1-жолу немец окумуштуусу Г. Гельмгольц ойлоп таап, үндөрдү анализдөөгө колдонгон. Изилденип жаткан үндүн термелүү жыштыгын А. р-дун өздүк термелүү жыштыгына жакын же барабар болсо, анда А. р-дон резонанс кубулушу пайда болот. Муну атайын прибор аркылуу же ансыз эле угууга болот.

АКУСТИКАЛЫК ТОЛКУН ӨТКӨРГҮЧ — акустикалык энергияны өткөрүүчү түтүктөр. А. т. ө-түн касиети ички ж-а сырткы чөйрөлөрдүн касиеттерине кескин түрдө айырмаланып, ал өткөргүчтөр түтүк, зым же стержень түрүндө болот. А. т. ө. ички ж-а сырткы чөйрөлөрдүн касиеттеринде кескин айырма болбогон, ал касиеттер бир чөйрөдөн экинчисине акырындык м-н өткөн туташ бир тектүү эмес чөйрөдө да пайда болушу мүмкүн. Мындай А. т. ө. атмосферада ж-а океанда темп-расы түрдүү болгон катмарлар түрүндө байкалат.

АКУСТИКАЛЫК ЧУУ — гармоникалык эмес татаал түзүлүштөгү үн. Жаратылышы б-ча А. ч. 4 түргө бөлүнөт: 1) мех. чуу — катуу перселердин дирилдөөсүнөн; 2) аэро же гидродинамикалык чуу — кыймылдаган газдардын, буунун ж-а суюктуктардын басымынын, ылдамдыгынын өзгөрүшүнөн; 3) термикалык чуу — жарылуунун же разряддын натыйжасында басымдын көз ирмегинче чоюлуп, жылуулуктун өтө тез бөлүнүп чыгышынан; 4) кавитациялык чуу — суюктуктагы аба көбүкчөсүнүн жарылуусунан пайда болот.

АКУСТИКАЛЫК ЧЫПКА — татаал үндөрдөн белгилүү чоңдуктагы жыштык тилкесин болуп алууга арналган акустикалык түзүлүш. Нолдон каалайдыр бир чоңдуктагы жыштыкка чейинки бардык термелүүлөрдү өткоргону **төмөнкү** жыштыктуу А. ч. деп аталат. Берилген мааниден жогору бардык жыштыктагы термелүүнү **өткоргону — жогорку** жыштыктуу, ал эми берилген эки жыштыктын ортосундагы кууш тилкелүү термелүүнү **өткоргону тилкелүү** А. ч. деп аталат.

АК-УЧУК — Нарын обл-ның Кочкор-нундагы Чолпон сельсоветине карашуу кыштак. «Чолпон» с-зунун аймагында. Райондун борбору Кочкордон 32 *км* түш.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 92 км. Калкы 1210 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АКУШЕРЛИК (фр. accoucher — төрөө, төрөгөн учурда) — боюнда бар аялдарга төрөгөнчө, төрөт учурунда ж-а көз жаргандан кийин төрөт нормалдуу болсо да, патологиялуу болсо да, керектүү мед. жардам көрсөтүү ж-дөгү илим. А. — мед. илимдин сыйрыкты тармактарынын бири. Илимий медицина өсүп-өнүккөндө, А. эне ж-а баланын саламаттыгын сактоо максатында адамдын анатомиясын, анын организминин физиол. ж-а патологиялык процесстерин, боюнда жок ж-а бар учурундагы өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү, жыныс органдарынын ооруларын дарылоо 15-к-дан баштап Европа өлкөлөрүндө, 19-к-да Россияда илимий негизге өтөт. А. аялдардын оорусу ж-догу илим — *гинекология* м-н тыкыс байланышта. Баланын өсүшүн үйрөнүү, анын организминдеги болгон өзгөрүштөрдү өз убагында билип, ички ж-а тышкы чөйрөнүн таасиринен сактоо — А-тин күндөлүк милдеттери. Окт. рев-ясына чейин Кыргызстанда А. мекеме болгон эмес. 1974-ж-дын январына 1027 орундуу 162 колхоздук төрөт үйү, 121 аялдар консультациясы иштеген. Шаардык төрөт үйлөрүндө, шаардык ж-а айылдык ооруканалардын төрөт бөлүмдөрүндө 3 миңден ашык орун бар (1974).

АКУШЕРЛИК (ветеринарияда) — мал бооз мезгилинде, туут ж-а андан кийинки учурда организмде өтүүчү физиол. ж-а патологиялык процесстер ж-дөгү вет. илим. А. малды колдон уруктандыруунун теориялык ж-а практикалык маселелерин иштеп чыгат; малды өстүрүү маселелерин уюштуруу, туутуна жардам берүү ыкмасын үйрөтөт. А. үй айбандарынын анатомиясы, гистология, эмбриология, биохимия, микробиол., физиол., хирургия ж. б. жалпы теориялык, практикалык илимдерге таянат. А. б-ча Россияда 1849-ж. Мед. хирургия академиясынын проф. Г. М. Прозоровдун 1-окуу куралы чыккан. Москва (1919), Казан ж-а Ленинград (1922) вет. ин-ттарында А. өзүнчө кафедра болуп уюштурулган. 1931-ж. проф. Н. Ф. Мышкиндин А. б-ча окуу китеби чыгат. Сов. окумуштуулар малдын тукумсуздугун, абортту ж-а маститтерди класстарга бөлүүнү сунуш кылып, малдын бооздугун аныктоонун методдорун, жыныс органдарынын ылаңдарына каршы эмдөө ыкмаларын иштеп чыккан. А. б-ча илимий маселелер Бүткүл союздук эксперименттик вет. ин-тунда, Москва вет. академиясында, Ленинград, Казан, Кыргызстан мал чарба ж-а вет. ил. из. ж. б. ин-ттарында, вет. ил. из. лабораторияларында иштелип чыккан. Илимий изилдөө жыйынтыктары вет. ин-ттарынын илимий эмгектеринде, «Ветеринария» ж-а зоотехниялык журналдарда басылып турат.

АКЦЕЛЕРАЦИЯ (лат. acceleratio — ылдамдоо) — өсүрүм балдардын биологиялык, акыл-эс ж-а дене жагынан ылдам өсүшү. Москвада жүргүзүлгөн атайын изилдөөлөр акыркы 80 жыл ичинде 15 жаштагы балдардын бою 20 *см*, салм. 16 *кг* жогорулагандыгын аныктады (к. *Адамдын бою*). Азыркы өсүрүмдөр акыл-эс жагынан ылдам өнүгүп жатат. Жашоо шарттын жакшырышы, тамак-аштын витаминдүү, арбын болушу, балдар ооруларынын азайышы, радио, теле берүүлөр ж-а басма сөз аркылуу жаңылыктарды угуунун көбөйүшү балдардын ар тараптан өсүшүн тездетүүгө шарт түзүү.

АКЦЕНТ (лат. accentus — басым) — 1) сөздүн ж-а сөз тизмегинин басымы (к. *Басым*); 2) жазууда басымды же тыбыштын башка өзгөчөлүктөрүн белгилөөчү атайын графикалык белги; 3) башка тилде сүйлөгөндө байкалуучу тыбыштык өзгөчөлүктөр. А. фонологиялык каражат катарында сөздүн негизги тыбыштык оболочкасын түзгөн сегменттик фонемага коюлат. 4) Музыкада үндү күчөтүү, бир калыпта созуу же гармонияны, тембрди, обондун агымынын багытын өзгөртүү жолу м-н үндү же үндөшүүнү бөлүү, өзгөчөлөө (белгиси: >, V, sf ж. б.).

АКЦЕНТОЛОГИЯ (лат. accentus — басым ж-а гр. lógos — сөз, үйрөнүү) — басымдын функциясын, өзгөчөлүгүн ж-а жаратылышын изилдөөчү тил илиминин бир бөлүгү.

АКЦЕПТ — акчасыз эсептешүүнүн бир формасы. Бул форма СССРде ж-а соц. өлкөлөрдө колдонулат, к. *Эсептешүүнүн акцепт формасы.*

АКЦЕССОР МИНЕРАЛДАРЫ, акцессорлор (лат. accessorius — кошумча) — тоо тектердин составында эң аз санда (1%ке чейин) кездешүүчү минералдар. А. минералдарына магнетит, циркон, апатит ж. б. кирет. Алгачкы учурда алар тоо тектерине кокусунан кирген кошумча минералдар катары эсептелсе (ошондон А. минералдары деп аталган), кийин тоо тектеринин составдык бөлүгү экендиги далилденди. А. минералдары аркылуу тоо тектердин бири бирине тектештиги, о. эле пайда болушу аныкталат.

АКЦИДЕНТТИК ТЕРҮҮ, акциденция (лат. accidentia — кокустук) — басмаканада чакан формаларды терүү. Ал формалар мына булар: бланктар, счёттор, анкеталар, чакыруу билеттери, аттестаттар, адрестер, китептин же журналдын мукабасындагы жазуулар, титулдук барактар, газета ж-а журналдардагы жарыялар, афишалар. А. т-дө ариптердин ар кандай өлчөмдөрү ж-а гарнитуралары, сызгычтардын кооздоочу материалдарынын түрлөрү, клишелер көбүрөөк колдонулат. А. т-нүн өзгөчөлүгү: андагы текст кооздолуп, түшүнүктүү берилет.

АКЦИДЕНЦИЯ (лат. accidens — кокустук) — персенин туруксуз, өзгөрүлмө, сырткы касиети; бул персенин субстанциялык, үзгүлүк касиетине каршы турган түшүнүк. Бу терминди адегенде Аристотель, кийин схоластттар м-н 17—18-к-дагы философтор колдонгон.

АКЦИОНЕР КООМУ — бир нече капиталисттин капиталын топтоштуруу аркылуу түзүлүүчү өндүрүштүн бир формасы. Жеке менчик капиталдын көлөмү ири ө. ж. ишканаларын (курулуш, темир жол, канал, деңиз порту, завод, электростанцияларды) куруу үчүн жетишсиз болот. Ушул себептен көптөгөн жеке менчик капиталды бириктирүүчү А. к. түзүлөт да, ири өндүрүштүк ишканаларды уюштуруу м-н жеке капиталдык салымдар борборлоштурулат. А. к. 17-к-да пайда болуп, 19-к-дын 2-жарымында өнүгөт, азыр капит. өлкөлөрдө өзгөчө мааниге ээ. Мис., АКШда ө. ж. чыгарган дүң продукциянын жарымынан көбү А. к-на туура келет. Империализм мезгилинде А. к-нун ролу ого бетер жогорулайт. Алар ө. ж. капиталы м-н банк капиталынын айкалышына шарт түзүп, капиталды сыртка чыгарууда монополиялардын үстөмдүк кылышын өөрчүтөт. Бул аркылуу финанс. капиталдын магнаттары башка капиталдарды пайдаланат. А. к. эмгекчилерди эксплуатациялоону күчөтүүчү, капиталисттердин пайдасын көбөйтүүчү ири магнаттардын куралы болуп эсептелет.

АКЦИЯ (голл. aktie, нем. Aktie) — белгилүү суммадагы акчаны акционер коомуна кошкондугун ж-а анын пайдасына үлүштөш экендигин күбөлөндүрүүчү баалуу кагаз. А-нын ээси кошкон капиталынын өлчөмүнө жараша өндүрүш пайдасынын тийиштүү бөлүгүн (дивидент) алат. А-ның ээси акционердик өндүрүштүн үлүштөш ээси болуп, акционер коомунун жогорку органы — жалпы жыйналышка катышууга укуктуу. Капитализм тушунда ири А. ээлери пайданы көбүрөөк алып, ого бетер байыса, аз А-ны кармоочу эмгекчилердин көнчүлүгү андан куру калып, жакырлана баштайт. Ошондуктан алар үчүн А. кармоонун зарылчылыгы жок.

АКЧА — жалпы эквивалент катары бардык товарлардын наркын көрсөтүүчү өзгөчө товар. А. товардык өндүрүштүн пайда болушу ж-а өнүгүү процессинде алгачкы коомдук түзүлүштүн аяк чегинде чыккан. Ал мезгилде коомдук эмгектин бирин-серин буюму айрым учурда гана товар катарында колдонулган. Товарды алмаштырууда А-ның, б. а. эквиваленттин милдетин ар түрдүү товарлар (мал, тери, туз д. у. с) аткарып келген. Коомдук эмгектин бөлүнүшү күчөп, товарлардын саны көбөйгөн сайын, алардын ичинен жалпы эквиваленттин милдетин аткаруучу товарлар бөлүнүп чыккан. Акырында А-ның милдетин асыл металлдар (алтын, күмүш ж. б.) аткара баштаган, себеби алар башка товарларга салыштырганда бир катар касиети (кымбат баалуулугу, узак мезгилге сакталышы, бөлүнө тургандыгы) м-н айырмаланып, А. катарында колдонууга өтө ыңгайлуу келет. А. товардык касиетин сактап калган, анткени ага керектөө наркы ж-а нарк таандык. А-ның башка товарлардан дагы бир өзгөчөлүгү — ал бардыгына бирдей жалпы наркка ээ болуп, кандай товарга болсо да алмашылат. Капитализмде А. төмөнкү милдеттерди ат-

карат: парк чеңеми, жүгүртүү-соода каражаты, байлык каражаты, төлөө каражаты, дүйнөлүк акча (дүйнөлүк рынокто эсептешкенде). Капит. коомдо А. капиталга айланып, кошумча нарктын булагы болот да, андан түшкөн бүт пайданы капиталисттер алып, ал адамды эзүүчү күралдардын бири болуп калат. А. жүгүртүү-соода милдетин аткарганда, алтын кагаз А. м-н алмаштырылып, ал капиталист тарабынан эмгекчилерди эзүү күралы катары колдонулган. Импер. мамлекеттер өздөрүнүн жырткычтык, мителик, озгоче согуш чыгымынын ордун толуктоо максатында кагаз А-ны көбөйтүүгө аракеттенет. Бул болсо акырында кагаз А-нын баркын кетирип, инфляцияга дуушар кылат. Соц. коомдо А-нын зарылдыгы товардык өндүрүштүн болушуна түздөн-түз байланыштуу келип, капит. доордогу А-дан түп-тамырынан бери айырмаланат. А. социализм убагында да жалпы эквивалент, б. а. товар өндүрүүгө жумшалган эмгекти чөнөө милдетин аткарат. А. товардын нарк чени милдетин аткарууда өндүрүштөгү коомдук эмгекти пландуу түрдө эсептөөгө мүмкүндүк берет, жүгүртүү-соода милдетине келгенде, товарды сатуу күралы катарында пайдаланылып, сооданын өнүгүп-осүшүнө көмөк көрсөтөт. Төлөө каражаты претинде өндүрүштүк товарларды пайдалануу пландарынын аткарылышына сом аркылуу контролдоо ишинде А-ның мааниси өтө зор. А. соц. пайданы ж-а эмгекчилердин табылгасын сактоо каражаты катарында кызмат кылат. Сов. Союзу чет мамлекеттер м-н экон. байланыш түзүүдө ж-а эл аралык эсептешүүдө дүйнөлүк А. претинде алтын колдонот. А. СССРде чарбалык айлануу муктаждыгына ылайык белгиленген пландын негизинде чыгарылат.

АКЧА БИРДИГИ — өлкөнүн законунда белгиленген баа масштабы. Ал алтындын белгилүү салмагын көрсөтөт (к. *Акча*). Төмөнкү таблицада айрым өлкөлөрдүн акча бирдиги келтирилди.

АКЧА РЕФОРМАСЫ — акчанын айланышын тартипке келтирүү ж-а акча системасын чыңдоо максатында мамлекет тарабынан жүргүзүлүүчү өзгөртүү. Капитализм мезгилиндеги А. р. эзүүчү таптардын кызыкчылыгын көздөп, эмгекчилер төлөөчү налогдорду көбөйтөт, социалдык-маданий иштерге жумшалуучу каражаттарды азайтып, товарлардын чет мамлекетке ташылышын күчөтөт да, жумушсуздукка алып келет. Капитализмдин чириши, митечил абалга өтүшү, импер. согуштар кагаз акча чыгарууну эбегейсиз көбөйтүп, инфляцияга алып келет. Бул капит. коомдо дайыма болуп турат. Соц. өлкөлөрдө өндүрүлгөн продукциянын басымдуу бөлүгү мамл. менчик болуп, эл чарба пландарынын негизинде туруктуу баа м-н сатылат, ошондуктан бизде А. р. валютанын туруктуу болушуна, соц. экономиканын чыңдалышына ж-а элдин жыргалчылыгынын жогорулашына алып барат. СССРде 1918-ж. В. И. Лениндин жетекчилиги м-н А. р-н жүргүзүү долбоору иштелип чыккан. Бирок 1918—20-ж-дагы чет мамл. интервенция ж-а гражд. согуш аны ишке ашыруурга жолтоо кылган. 1922—24-ж. ичке негизделип, А. р. жүргүзүлгөн. Улуу Ата мек. согуш жылдарында, товарлардын баасы туруктуу болсо да, согуш чыгымынын ордун толтуруу үчүн кагаз акча көбүрөөк чыгарылгандыктан ж-а нем. фашисттер басып алган терр-яларда жасалма акча көбөйүп кеткендиктен, айлануда артык баш акча пайда болгон. Ушуга байланыштуу акча реформасы жүргүзүлүп, мурдагы казна билеттеринин 10 сому 1 сомго айырбашталган. Бул реформа эл чарбасын калыбына келтирүүгө ж-а эмгекчилердин жыргалчылыгын жогорулатууга зор көмөк көрсөттү. 1950-ж-дын 1-мартында 1 сомдун туруктуу алтын чеги белгиленди (0, 222168 *г* таза алтын). 1961-ж-дын 1-январынан тартып акча баасын чыңдоого ылайык 1 сомдогу таза алтындын чеги 0,222168 *г* дан 0,987412 *г* га чейин көбөйдү. Азыркы мезгилде АКШнын 1 доллары биздин акчанын 90 тыйынына теңелди (мурда биздин 4 сомго туура келчү). 1945-ж-дан кийин соц. өлкөлөрдүн бардыгында А. р. жүргүзүлдү.

АКЧА-БУЮМ ЛОТЕРЕЯСЫ — лотереянын акчалай ж-а буюмдай ойнолуучу түрү. Бул үчүн атайын лотерея билети чыгарылып, мезгил-мезгили м-н утуш өткөрүлөт, анда ар түрдүү буюм ж-а акча ойнолот. Утуш тиражынын негизинде уткан билеттер б-ча эмгекчилерге тийиштүү буюм же акча төлөнөт. Союздук респ-каларда лотерея алардын министрлер советинин уруксаты ж-а белгилеген эрежеси б-ча ойнотулат. Лотереяны ойнотуунун уюштуруу масселелеринин бардыгын финансы милволору ж-а мамл. эмгек сактык кассаларынын башкармалары ишке ашырат. Лотерея пакта акчага сатылат да, ыктыярдуу жүргүзүлөт. Бул мамлекетке да, эмгекчилерге да пайдалуу. Ал соц. экономиканы, элдин материалдык турмуш, маданий деңгээлин жогорулатууга көмөк берет.

АКЧАЛУУ — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Кызыл-Туу сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Жалал-Абад ш-нын түз. тарабында. Райондун борбору Сузактан 25 *км* түн.-чыг. тарапта. Калкы 680 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

АКЧАНЫН БУРЖУАЗИЯЛЫК ТЕОРИЯЛАРЫ — акчанын мазмуну, анын функциялары ж-а акчаны жүгүртүү закондору ж-дегү бурж. экономисттердин көз караштары. Мындай теориянын бири — металл теориясы. Анын мыяттары капит. мамлекеттерде акча катары алтынды гана колдонуу керектигин белгилешет. Алардын ою б-ча алтын акча капитализмдин финансы-кредит системасындагы карама-каршылыкты жеңүүгө шарт түзөмөкчү. А. б. т-нын бир багыты — номиналдык теория. Бул теория б-ча акча — жөнөкөй формалдуу эле белги. Кагаз акча алтын запасына байланышпайт. Капит. мамлекеттер кагаз акчаны канча чыгарса, анын сатып алуу күчүн кандай белгилесе, өздөрү билет имиш. Мындай теориянын авторлору акчанын бир гана төлөө каражат функциясын талдап, акчанын табияты ж-дө жалпы жыйынтык чыгарат. Алар акчанын пайда болуу жолун илимий изилдөөдөн баш тартышат. А. б. т-нын дагы бир багыты — сан теориясы. Бул теория негизинен акчанын наркынын өзгөрүлүшүнө арналып, жүгүртүүдөгү акчанын наркы анын санына жараша болот, ошон үчүн кагаз акчанын саны көбөйгөн сайын анын наркы арзандап, сатып алуу күчү төмөндөйт, ал эми кагаз акчанын санынын көбөйүшү жумушчулардын эмгек акысынын жогорулашынын натыйжасы деп түшүндүрүшөт. Демек, акчанын наркын төмөндөтпөө, анын санын көбөйтпөө үчүн жумушчулардын эмгек акысын жогорулатпоо керек. Бурж. экономисттер А. б. т-нын кайсы гана багыты болбосун капит. мамлекеттин, капиталисттердин таптык кызыкчылыгын көздөйт, карама-каршылыктардын себептерин жумушчулардын тап күрөшүнүн кесепети деп түшүндүрүүгө аракет кылат.

АКЧА-ТАШ — Молдо-Тоо тизмегиндеги Соң-Көл өрөөнүнүн түш.-чыгышынан орун алган тоо. Түн.-батыштан түш.-чыгышка 30 *км* ге созулат. Орточо бийикт. 3800—3900 *м*, эң бийик чокусу 3980 *м*. Генет. тиби б-ча *горст-антиклиналь*. Палеозойдун чополуу сланец, кварцит, аки таш тегн ж-а интрузивдик кычкыл тоо тектеринен түзүлгөн. Тоонун ортоңку бийик бөлүгү моңгүлүү. Моңгүлөрдөн Кара-Тал, Котон-Арык, Ак-Кудук, Кайыңды, Үч-Булак суулары (Нарындын алабы) башталат. А. Т-тын түн. этегинде ж-а нымдуу бат. капталдарында (3100—3500 *м*) субальпы ж-а альпы шибери, айрым жерлеринде карагай өсөт. 3600 *м* бийиктиктен жогору нивальдык-гляциялдык алкак жатат. Түш. бети каксоо. Тоодо мал жайлатылат.

АК-ЧИЙ — Киров р-нундагы Ак-Чий сельсоветине караштуу кыштак. «Жон-Дөбө» асыл тукум заводунун борбору. Райондун борбору Кировдон 35 *км* түн.-бат. тарапта, Маймак т. ж. станциясынан 11 *км*. Калкы 1800 (1970). Айылдык профтех. окуу жайы, орто мектеп, 2 китепкана, маданият үйү, оорукана бар.

АК-ЧИЙ-КАРА-СУУ КӨРҮСТӨНҮ — Сак ж-а Гунндардын көрүстөнү. Б. з. ч. 6—4-к-га, б. з. 1—5-к-на таандык. Кырг. ССРинин Токтогул р-нундагы суу астында кала турган Ак-Чий-Кара-Суу кыштагында. 1958, 1962, 1965, 1973-ж-дарда изилденди. Мүрзөлөрү 4 чарчы (терең. 2 *м*), үстү арча устундар м-н кыналып, таш жө топурак м-н бастырылган. Көрүстөндөн карапа идиштер, көп сандаган асемделген алтын ж-а күмүш буюмдар: шакек, сөйкө, медальон, айбанаттардын ж-а куштардын сүрөттөрү, кололо мончоктор, тогоолор, күзгүлөр, о. өле канжар, кылычтын сыныктары, сооттор, жебелер, жаанын бөлүктөрү, айрымдарынан арча табыт табылган. Сөөкторүнө караганда көрүстөнгө коюлган адамдар антроп. жактан монголоид аралашмасы бар европеоид тибине кошулат. Табылган айнек идиштердин сыныктары Гунндардын Рим мамлекети м-н болгон байланышын далилдейт.



Ак-Чий-Кара-Суу
1. Көрүстөндөн табылган алтын буюмдар (1—5-к.)



2. Айнек идиш.



3. Баш сөөк боюнча жасалган адамдын башы (1—5-к.), авт. Лебединская Г. В., Сурнина Т. С.

АКШ, к. *Америка Кошмо Штаттары*.

АКШдагы ГРАЖДАНДЫК СОГУШ (1861—65) Ж-А ТҮШТҮКТҮ ЖАҢЫЛАП КУРУУ (1865—77). Бул согуш капит. Түндүк м-н күл эзлөөчүлүк Түштүктүн ортосундагы экон. ж-а саясий кайчылаштыктын курчушунан келип чыккан. Түштүктөгү күлчулук АКШда капитализмдин өнүгүшүнө тоскоол болгон. 19-к-дын ортосуна жакын Түн. штаттарда күлчулукту жоюу үчүн күймыл башталат (к. *Аболиционизм*). Өлкөдө Респ. партиянын таасири күчөйт. Аның кандидаты А. Линкольн 1860-ж-дагы шайлоодо президент болот. Бул окуя Штаттар союзунун күл эзлөөчүлүгү бар Түштүктүн каршы чыгуусуна сигнал болду. 1861-ж. февралда күл эзлөөчүлүгү бар штаттардын Конфедерациясы түзүлүп (буга 34 штаттын 11 штаты бириккен), гражд. согушка даярдык көрүлөт. Апрелде Түштүктүн күл эзлөөчүлөрү козголоң чыгарып, күрал-жарактар топтолгон жерлерди эзлеп алып, Түндүктө күлчулукту орнотууну көздөшкөн. Ал кезде 22 млн калкы бар Түндүк өлкө. жалпы продукциясынын 75% берген, т. ж. тармагынын $^2/_3$ бөлүгүн эзлеген. Түш. тарапта 9 млн. калк болгон (булардын 4 млн-го жакыны негр күлдар эле). Күчү көп болсо да, Түндүктүн согушка даярдыгы аз болучу. Ошон үчүн согуштун 1-этабында (1861—62) Түндүк жеңилип, согуш созулуп кетет. 1862-ж. өлкөнүн конгресси, К. Маркс алдын ала айткандай, согушту рев-ячыл жол м-н жүргүзүү чараларын көрө баштайт: *Гомстедакт* ж-дегү закон кабыл алынат. Түш. штаттардагы негр күлдар жер албастан азаттыкка чыгарылат. Козголоңчулардын мүлкүн бекер алып коюу ж-дө ж-а АКШга чыккынчылык кылгандарга өлүм жазасын колдонуу ж-дө закон жарыяланат. 1863-ж-дан тартып согуштун 2-этабы башталат. Түндүктөгү федералдык армияга 190 миң негр кошулат, булардын 72% козголоңчу штаттардан келет; 250 миң негр тылдагы аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөөгө киришет. Жумушчулар полктору көбөйөт. Козголоңчуларга каршы чабуул жаңы план б-ча жүргүзүлүү: аскерлер Миссисипи д-сын бойлоп аракеттенип, Конфедерациянын аймагын экиге бөлүп таштады. Армияга Түштүктөгү фермерлер, жумушчулар, кол өнөрчүлөр кошулушту. Түндүктүн жеңишин камсыз кылууда негрлер негизги роль ойноду. Алар чалгындоо жүргүзүшүп, козголоңчулардын аскерлерине тылдан кол салып турушкан. 1865-ж. 3-апрелде федералдык аскерлер Конфе-

Өлкөлөр	Акча бирдигинин аталышы ж-а аның тыйынга болушу	Алтынга барабар келиши (накта алтын граммм-н) 16-дек. 1971-ж.	Акча бирдигинин курсу, 1974-ж. июнь	
			мамл. акча бирдиги (1, 100, 1000)	сом м-н
Австралия Союзу	Австралия доллары=100 цент	0,99531	1	1,11
Албания	Лек=1000 киндарк	—	100	18,00
АКШ	АКШ доллары=100 цент	0,888671	100	74,61
Болгария	Лев=100 стотинк	0,759548	100	76,92
Венгрия	Форинт=100 филлер	0,0757	100	7,67
Вьетнам (ВСР)	Донг=10 хао=100 су	—	100	30,60
Германия Демократиялык Республикасы	ГДР маркасы=100 пфенниг	0,399902	100	40,50
Германия Федеративдик Республикасы	ФРГ маркасы=100 пфенниг	0,242806	100	29,89
Индия	Индия рупийи=100 пайс	0,118489	100	9,55
Испания	Испан песетасы=100 сентимо	0,0126953	—	1,29
Италия	Италия лирасы=100 чентезимо	0,00142187	1000	1,18
Канада	Канада доллары=100 цент	—	100	77,72
Кытай Эл Республикасы	Юань=10 цзяо=100 фынь	—	100	45,00
Корея (КНДР)	Вона=100 жон (чон)	—	100	74,93
Куба	Куба песосу=100 сентаво	0,888671	1	0,90
Монгол Эл Республикасы	Тугрик=100 мунг	0,222168	100	22,50
Польша	Злотый=100 грош	0,222168	100	22,50
Португалия	Португалия эскудосу=100 сентаво	0,0309103	—	—
Румыния	Лей=100 бан	0,148112	100	15,00
СССР	Сом=100 тыйын	0,987412	—	—
Улуу Британия	Фунт стерлинг=100 пенс	2,13281	1	2,16
Франция	Франция франкы=100 сантим	0,160	100	15,32
Чехословакия	Чехословакия крону=100 геллер	0,123426	100	12,50
Югославия	Югославия динары=100 пара	0,0592447	100	4,39
Япония	Пена=100 сен	0,00246853	1000	2,68

Айрым өлкөлөрдүн акча бирдиги

деранциянын борбору Ричмонду алды. Бир нече убакыттан кийин козголоңчулардын аскерлери багынууга аргасыз болду. Гражд. согушта Түндүктөгүлөргө ар түрдүү улуттагы жумушчулар ж-а Европадан эмиграцияга барган революционерлер катышышкан. Англиянын жумушчулары өз өлкөсүнүн өкмөтүнүн козголоңчуларга жардамдашуусуна каршы турушкан. Англия м-н Францияга жоо болуп турган биримдиктүү Кошмо Штаттардын турушун каалаган Россия 1863-ж. 2 эскадра жиберүү м-н Линкольндун өкмөтүнө жардам көрсөткөн. АКШдагы бурж.-демокр. ревнын 1-этабы болгон гражд. согуштун бүтүшү м-н негрлерге жер ж-а ак адамдар катары укук берүү максатындагы кыймыл күчөгөн. Тарыхта бул Түштүктү жаңылап куруунун башаты ж-а 1865—77-ж-дагы бурж.-демокр. рев-янын 2-этабы деп аталат. Бирок буржуазиянын чыккынчылыгынын натыйжасында негрлер укуксуз бойдон калтырылды. Түштүктөгү штаттарда мурдагы кул ээлөөчүлөр бийликти кайрадан ээледи. Плантаторлор негрлер үчүн катаал тартип орнотту. Түштүктү кайра куруу мезгилинин аякташы Америкадагы экинчи рев-янын басаңдоо этабы болгону м-н, мында кулчулукту түбөлүккө сактоо планы ойрондолду, капитализмдин өнүгүшүнө жол ачылды.

АКШнын ДЕМОКРАТИЯЛЫК ПАРТИЯСЫ (АДП) — АКШнын монополисттик капиталынын негизги эки партиясынын бири. 1828-ж. түзүлгөн. Адегенде Түштүктүн кул ээлөөчү плантаторлорун, алар м-н байланышкан Түндүктүн буржуазиясынын айрым бөлүгүн, фермерлердин бир кыйла тобун ж-а майда буржуазияны бириктирип турган. 1828-ж-дан 1861-ж-га чейин АДП башкаруучу партия болгон. 1861—65-ж-дагы гражд. согуштан кийин АДП м-н Респ. партиянын ортосундагы айырма тездик м-н жоюлуп, импер. доордо бул экөө тең монополисттик капиталдын саясий уюму болуп калган. 1861—1969-жылдар ичинде 44 жыл бийликте болду. АДПнын туруктуу мүчөсү болбойт. Чындыгында партияны штаттарда, шаарларда ж-а графтыктарда иштеп жаткан ар түрдүү рангадагы жетекчи адамдардан турган партиялык аппарат гана түзөт. Съезди 4 жылда бир болуп, президенттикке ж-а вице-президенттикке кандидатураларды көрсөтөт, партиянын платформасын кабыл алат, бирок бул партиянын мүчөлөрүн эч нерсеге милдеттендирбейт. Президент (партия бийликте болсо) же мурдагы президент, же ага кандидат (ал оппозицияда болсо) партиянын лидери болуп калат.

АКШнын КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (АКП) 1919-ж. сент. Чикагодо негизделген. 1—5-сентябрда Американын Компартиясынын уюштуруу съезди болуп өткөн. Аны Соц. партиядан бөлүнүп чыккан Рутенберг башкарган солчулдар тобу чакырган. Ошол эле жылы 31-августтан 5-сентябрга чейин Американын Коммунисттик жумушчу партиясынын уюштуруу съезди болуп, аны *Дж. Рид* башкарган солчулдардын дагы бир тобу чакырган. 1920-ж. эки топ өз ара мамилеге келип, 1921-ж. май айында Американын Бириккен компартиясына баш кошкон. 1921-ж. уюштурулган Американын легалдуу Жумушчу партиясына Американын Бириккен компартиясы да кирген. 1923-ж-дын аягынан партия Американын Жумушчу (Коммунисттик) партиясы, 1930-ж. июнунан АКШнын Компартиясы деп атала баштаган. Ал троцкизмге, ревизионизмге, сектантчылыкка каршы күрөшүп, 1929-ж. өз ичиндеги ревизионисттик группировкадан арылган. 1929—33-ж. жумушсуздардын, жакырданган фермерлердин мүдөөсү үчүн демонстрациялар уюштурган. Анын демилгеси б-ча Негрлердин укуктарын коргоо лигасы түзүлгөн. Өлкөнү фашисттештирүү аракеттерине каршы күрөшкөн. 2-дүйн. согуштан кийин АКП оңчул оппортун. элементтерге, ликвидаторлорго каршы күрөшүп, ишин жашырын жүргүздү. Амер. империализмдин агрессивдүү саясатын ашкерелеп, тынчтыкты жактады. АКПнын 21-съезди (1975-ж., июнь) саясий рез-я кабыл алып, анда марксизм-ленинизм позициясында азыркы эл аралык абалды, капитализмдин жалпы кризисин, анын АКШдагы бөтөнчөлүктөрүн анализдеди; партиянын, профсоюз, жаштар ж. б. коомдук уюмдардын милдеттерин белгиледи. Анын делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын 1957-ж-дагы (Москва) кеңешмесинин документтерин кубаттады. Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын (1960, 1969, Москва) эл аралык кеңешмелерине катышты, алардын документтерин жактырган. Партиянын иши демокр. централизм принциптеринин негизинде жүргүзүлөт. Партиянын жогорку органы — съезд. Борб. органы — «Дейли уорлд», теориялык органы — «Политикал афферс» журналы.

АКШнын РЕСПУБЛИКАЛЫК ПАРТИЯСЫ (АРП) — АКШнын монополисттик капиталынын негизги эки саясий партиясынын бири. 1854-ж. буржуазия өкүлдөрү негиздешкен. АРП 1860-ж. бийликке келип, президенттикке А. Линкольн шайланган. АКШдагы гражд. согуштан кийин АРП ири капиталдын, импер. доордо монополисттик капиталдын негизги партиясы болгон. Демагогиялык ураандарды көтөрүп, алдоо, шайлоочуларды сатып алуу жолу м-н көп жылдар бою бийликте турган. 1968-ж. шайлоодо АРП кайрадан бийликке келди. Биринчи ж-а экинчи дүйнөлүк согуштун убагында АРПнын лидерлери реакциячыл позицияны ээлешкен. Улуттук-боштондук кыймылынын ашынган душманы АРП эң ири монополисттик чөйрөлөр м-н тыгыз байланышта турат. Алар партияга каражат жагынан колдоо көрсөтүп, анын саясатына багыт берет. АРПнын уюмдаштыруу структурасы АКШнын демокр. партиясыныкына окшош: туруктуу мүчөлөрү болбойт, съезддери президенттикке ж-а вице-президенттикке кандидаттарды көрсөтүш үчүн гана чакырылат. Партиядан ким президенттикке шайланса, ал анын лидери болот. Съезддердин аралыгында улуттук комитет иштейт.

АКШАК — ар түрдүү өсүмдүктөрдүн майдаланган же майдаланбаган данынан даярдалган тамак-аш азыктарынын бир түрү. А. таруу, кара күрүч, күрүч, жүгөрү, арпа, сулу, буудай ж-а буурчактан алынат. А-тын составында углевод, белок ж-а май көп. Сов. Союзунда А-тын 30дан ашык түрү жасалып, сапаты жалпы союздук стандарт м-н белгиленет. Негизги көрсөткүчтөрү: өңү, даамы, жыты, нымдуулугу (11—14%тен көп эмес), данынын бир түрдүүлүгү, составы. А. тартууда төмөнкү негизги технол. процесстер аткарылат: 1) даярдоо (данды сепаратордо, триерде, сорттоочу ж-а таш терүүчү машинада тазалоо); 2) гидротермиялык процесс (буулантыруу ж-а кургатуу); 3) негизги процесс (дандын кабыгын ар түрдүү машиналарда аарчуу, элөө, сапыруу ж-а сорттоо); 4) кошумча процесс (жылмалоо, жалтыратуу, сапатын текшерүү ж-а таразага тартуу).

АКШАК ЭГИНИ — акшак алынуучу өсүмдүктөр. А. э-не негизинен гречиха, күрүч, таруу, сорго, полба кирет. Арпа, сулу, жүгөрү, буудайдан да акшак тартылат. Өтө баалуу акшак өсүмдүктөрүнүн бири—гречиха. Анын акшагы азыктуулугу, даамы ж-а сиңимдүүлүгү б-ча жогору бааланат. Составында 10% белок, 3% май, 82% крахмал, 2% клетчатка ж-а 0,3% кант болот. Гречихада B_1, B_2 витаминдери көп. Күрүч акшагы да негизги азык катарына кирип, сапаттуу ж-а жеңил сиңүүчү азык заттарына бай келет. Таруу акшагында белок м-н май арбын. Күрүч, гречиха ж-а таруунун түпкү мекени — Азия өлкөлөрү; соргонуку — Экватордук Африка. СССРде таруу Волга боюнда, Казакстанда, Украинада, РСФСРдин борб. кара топурактуу обл-тарында; гречиха болсо УССР, БССР ж. б. жерлерде; күрүч О. Азияда, Казакстанда, Закавказьеде, Приморье крайында, Түн. Кавказда, Түш. Украинада, Волга, Дондун төмөнкү жээктеринде эгилет.

АК-ШАР — Ош обл-нын Араван р-нундагы Төө-Моюн сельсоветине караштуу кыштак. «Пахтачы» с-зунун аймагында. Райондун борбору Аравандан 45 *км* бат. тарапта, Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 21 *км*. Калкы 600

(1974). Китепкана, орто мектеп, оорукана бар.

АК-ШЫЙРАК — Жети-Өгүз р-нунун (Ысык-Көл обл.) сыртындагы суу, Сары-Жаз суусунун оң куймасы. Уз. 98 *км*, алабынын аянты 2290 *км²*. Борколдой кырка тоосунун чыгышындагы мөңгүлөрдөн (Чолок-Капчыгай) башталып, Кайчы суусу м-н кошулганда, А.-Ш. деп аталат. Негизги куймалары: Бикиртик, Коёнду, Боз-Жалпак, Кайчы, Жангарт ж. б. Суу топтоочу аянтынын деңиз деңг. орточо бийикт. 3800 *м*. Чаты 2000 *м* бийиктикте. Кар, мөңгү сууларынан куралат. Жай айларында ташкындап, күзүндө тартылат. Жылдык орточо чыгымы 13 *м³/сек*, эң көбү 101 *м³/сек*, эң азы 0,78 *м³/сек*. А.-Ш-тын боюнан Ак-Шыйрак кыштагы орун алган.

АК-ШЫЙРАК — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Ак-Шыйрак сельсоветине караштуу кыштак. Ички Тянь-Шандагы Ак-Шыйрак суусунун боюнда. Райондун борбору Покровкадан 248 *км*. түш.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 446 *км*. Калкы 669 (1974). Башталгыч мектеп, китепкана, оорукана бар.

АК-ШЫЙРАК КАЛАЙ КЕНДҮҮ РАЙОН — *Түш. Тянь-Шань* зонасындагы калай кендери жаткан аймак. Ага Ак-Шыйрак м-н Көөлүү кырка тоолорунун түш. капталы, Какшаал кырка тоосунун ортоңку бөлүгүнүн түн. капталдары кирет. Түндүгүнөн *Ат-Башы-Эңилчек терең жаракасы* аркылуу Ортоңку Тянь-Шань зонасынан бөлүнөт. Райондо Үч-Кошкон, Сары-Булак, Таштар-Ата, «Лагерный» сыяктуу ондон ашык калайдын кени орун алган. Райондун геол. түзүлүшүндө негизинен карбон мезгилинин ортосу м-н аягында пайда болгон кумдук, алевролит, аки таш теги ж-а чополуу сланец сыяктуу чөкмө тоо тектер бар. Аларды карбондун аягы м-н пермь мезгилиндеги габброид, гранодиорит, биотиттүү ж-а лейкократтуу гранит интрузиялары м-н гранит-порфир, кварцтуу порфир ж-а майда кристаллдуу граниттердин *дайкалары* ж-а *штоктору* жиреп чыккан. Тоо аралык ойдуңдарда, өрөөндөрдө палеоген-неогендин ж-а антропогендин чөкмөлөрү жатат. Тоо тектер герциндин аягындагы бүктөлүүлөргө учурап, түн.-чыг. тарапка багытталган структураны түзүп, тектоникалык жаракалар м-н тилкеленген. Райондогу рудалардын негизгиси — калай. Кендердин пайда болушу граниттер, айрыкча алардын кичине интрузиялары м-н байланыштуу. Калай кендеринин негизги типтери турмалиндүү ж-а галенит-сфалериттүү болуп, роговик-скарндуу, касситерит-силикаттуу ж-а касситерит-сульфиддүү формациялардан турат. Рудалар жалпысынан кварц, турмалин, флюорит ж-а касситериттен же галенит, сфалерит, касситериттен түзүлгөн тарамчалар ж-а ар түрдүү түспөлдөгү скарндар түрүндө болот. Алардан башка халькопирит, арсенопирит, пирит ж-а пирротин сыяктуу минералдар да бар. Рудалуу тарамдардын калыңд. 10—12 *м* ге жетет. Райондогу калай кендери негизинен герцин металлогениялык доордо гидротерм-метасоматикалык жол м-н пайда болгон. Аймактагы калай кендеринин айрымдарын казып алуу иши пландаштырылууда.

АК-ШЫЙРАК КЫРКА ТООСУ — Борб. ж-а Ички Тянь-Шандагы кырка тоо. Сары-Жаз суусунун алабы м-н Нарын д-нын башталышынын ортосунда түш.-батыштан түн.-чыгышка созулуп жатат. Уз. 50 *км*, орточо бийикт. 4400—4800 *м*, эң бийик жери 5126 *м*, туурасы 30—34 *км*. Негизинен протерозой, силур, девон ж-а таш көмүр мезгилдеринин чөкмө ж-а эффузив тектеринен түзүлгөн. Тоо арасындагы ойдуңдарда, суу өзөндөрүндө палеоген-неогендик кызыл түстүү чөкмө тектери ж-а антропогендик аллювий, мөңгү чөкмөлөрү жатат. Интрузия тектеринен плагиогранит, сиенит-диорит, габбро-диабаз, нефелиндүү сиенит ж-а турмалиндүү граниттер арбын. Пайдалуу кен байлыктарынан калайдын өндүрүштүк мааниси бар. Коргошун жана курулуш материалдарынын кендери да белгилүү. Тоо үч кыркадан түзүлгөн: түндүк (Сары-Чат, Ээр-Таш, Май-Төр), ортоңку (Кызыл-Эшме), түндүк (Үч-Көл), булардын чыг. жагы биригип кетет. Кырларын (4500—5000 *м*) ж-а өрөөндөрүнүн баш жактарын (4000—4500 *м*) мөңгүлөр ээлейт. 3500—4000 *м* бийиктикке альпы ландшафты мүнөздүү, о. эле тоо муздары сүрүп таштаган шагылдар көп. Түн. ж-а түш. этектери аркылуу тектоникалык жаракалар өтөт. А.-Ш. к. т-да аянты 432 *км²*ге жеткен 131 мөңгү (Петров, Лысый, Давыдов, СНК, Кум-Төр ж. б.) бар. Эң ириси — Петров, мындан Нарын д-сы башталат. Өрөөн мөңгүлөрүнүн уз. 10—20 *км* ге жетет.

АК-ШЫЙРАК КЫРКА ТООСУ, Чаар-Таш Фергана тоо тизмегинин борб. бөлүгүнүн чыг. тарабында. Түндүгүнөн Тогуз-Торо, чыгышынан Орто Нарын өрөөндөрү м-н чектешет. Түш.-батыштан чыгышты карай 70 *км* ге созулат, туурасы 6—10 *км*. Батышта Кылдоонун Бели (Ой-Кайыңды) аркылуу Фергана тоосуна кошулат. Ой-Кайыңды суусу тоону кесип агып, *антецедент өрөөнүн* пайда кылган. Орточо бийикт. 3400—3600 *м*, эң бийик жери 3896 *м*. Гранит ж-а аки таш тоо тектеринен түзүлгөн. Чыгышында (Ала-Бука суусунун чатында) неогендик чополуу текке «чөгүп» кетет. Борб. бөлүгү бийик, түн. бети тик ж-а аскалуу. Үстү ж-а түш. капталы жылмаланган, жайдак. А.-Ш. к. т. структурасы б-ча — *горст-антиклиналь*. Ландшафт тилкелери көп өөрчүгөн эмес, чыг. ж-а бат. тараптары кургак талаа (2400—3400 *м*), түн. бети (Кул, Беш-Көл) карагайлуу. Ой-Кайыңды ж-а Оорук-Там тулаң бадалдуу (четин, карагат, бөрү карагат, ит мурун, табылгы), түш. жакkы өрөөндөрүндө шалбаа чөптөрү өсөт (2500—2800 *м*).

АК-ШЫЙРАК ӨРӨӨНҮ Борб. Тянь-Шандагы Сары-Жаз суусунун алабында. Түндүгүнөн Эшек-Арт, түштүгүнөн Кайчы ж-а Кара-Зоо (Жаңы-Арт) тоолору курчап турат. Аянты 150—170 *км²*, уз. 30—35 *км*, туурасы 4—8 *км*. Орточо бийикт. 2800—3400 *м*. Рельефи ар түрдүү; чыгышы түзөң, батышы бийик, адырлуу, түн. ж-а түш. жагы торпу белесчелүү. Неотектоникалык тиби — грабен-синклинорий. Жеринин бети кумдак, кызыл чополуу. Жер бетине гранит массивдери чыгып жатат. Климаты кескин континенттик, кышы суук (—30°—40°C), жайы салкын, жылдык жаанчачын 150—200 *мм*. Кыртышы (Жаңы-Арт тоосунун түн. бетинде) коңур топурактуу, тескей ж-а күңгөй жактарында ачык-күрөң, ал эми суу жээктери саз топурактуу. Өсүмдүктөрдөн — бетеге, шыбак, ат кулак, шыралжын, уу коргошун ж. б. өсөт. Жаныбарлары: аюу, илбирс, карышкыр, аркар, тоо эчки ж. б. Кызыл-Капчыгай ж-а Үч-Кошкон капчыгайлары ушул өрөөндө. Үч-Кошкон капчыгайы аркылуу Ак-Шыйрак суусу агып, Сары-Жаз суусуна куят. А.-Ш. ө. мал кыштатууга ж-а жайлатууга ыңгайлуу (кышы суук, бирок кар аз жаайт). Өрөөндө Ак-Шыйрак маданият борбору, метеостанция, радио байланыш түйүндөрү бар.

АКЫЕВ Калык (1883—1953) — кыргыз эл ырчыларынын көрүнүктүү өкүлү, Кыргыз ССР эл артисти, к. *Калык Акиев*.

АКЫЙКАТ — объективдүү дүйнөнүн аң-сезимде туура чагылышы: түшүнүктүн, пикир жүргүзүүнүн, ой корутундусунун, теориянын коомдук практика м-н тажрыйбада текшерилип, аныктала турган объективдүү мазмуну. А.— диалек. логиканын негизги маселелеринин бири. Маркска чейинки материалисттер А-ты эч убакта өзгөрбөй турган билим деп түшүнүп, аны билбестик м-н адашуучулукка карама-каршы коюп келишкен. Метафизик материалисттер А-тын абс. критерийин издеп, мындай критерий туюунун абс. талашсыздыгында десе, кээ бири аны *акыл-эстен* издеген. Француз материалисттери А-тын критерийин адамдын «таламдары» м-н байланыштырса, Фейербах А-тын критерийи практика деген түшүнүккө жакындаткан. 19-к-дын 2-жарымындагы орустун демократ ойчулдары бул маселени туура чечүүгө далалат кылышкан. Чернышевский А-тын критерийи практика деп таанып, саясий иш-аракеттерди да практика м-н байланышта караган. 19-к-дын аягында бурж. философияда А-тын таанып-билүүдөгү ролу төмөндөтүлүп, А. түшүнүгүн талдоодо иррационалисттик багыт өөрчүгөн. Ф. Энгельстин «Анти-Дюринг», В. И. Лениндин «Ма-

териализм жана эмпириокритицизм» деген эмгегинде А. ж-дө ар түрдүү субъективдүү идеалисттик концепциялар сынга алынып, азыркы кездеги ал ж-дөгү түзүлгөн «эң жаңы» идеалисттик теориялардын негизсиздигин толук ашкерелөөгө мүмкүндүк берди. Тарыхый өнүгүүнүн ар бир учурунда А. объектини, анын өзгөчө мамилелерин белгилүү чекте, тармакта чагылдырат да, ушул шарттардын дайыма өзгөрүп турушуна байланыштуу өзү да салыштырмалуу болуп, объектинин бардык мазмунун бүтүндөй камтый албайт. Ошондуктан А. толук эмес, болжолдуу болот. Диалек. материализм «биздин билимдерибиздин баары относителдик деп эсептеп, эсептегенде да: объективдик акыйкатты тануу маанисинде эмес, биздин билимдерибиз ушул акыйкатка жакындап бара жаткандагы чектер тарыхый шарттарга жараша болот деген маанide эсептейт» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 14-т., 147-б.). Салыштырмалуу А-ты абсолютташтырып, түбөлүк деп таануу адашуучулукка, догматизмге алып келет. Адамзаттын таанып-билишинин алга карай өнүгүшүнө байланыштуу А-тын салыштырма касиети бара-бара азая берет. Ар бир салыштырмалуу А. объективдүү болгондуктан, анда абс. билимдин «бөлүкчөлөрү» болот. Ошондуктан диалек. материализм салыштырмалуу А-ты адамдын табиятына мүнөздүү деп түшүндүрө турган релятивизмге каршы чыгат. «Адамдын ойлоосу,— деп жазат В. И. Ленин,— өзүнүн жаратылышы б-ча бизге относителдик акыйкаттардын суммасынан түзүлүүчү абсолюттук акыйкатты берүүгө жөндөмдүү жана берет. Илимдин өнүгүшүндөгү ар бир баскыч ушул абсолюттук акыйкат суммасына жаңы кыпындарды кошуп алат, бирок ар бир илимий жобонун акыйкат чектери относителдик болот, билимдин илгери карай өсүшүндө бирде кеңип, бирде тарып турат» (Ошондо, 144-б.). Билимдин акыйкаттуулугуна алдын ала чек коюу мүмкүн эмес, анткени тарыхый шарттын өзгөрүшүнө байланыштуу А-туулуктун чеги да өзгөрүп турат. Материалисттик диалектика б-ча, А-тын критерийин субъектинин аң-сезиминен же объектинин өзүнөн издеп табууга болбойт. А. субъектинин объектиге карата мамилесинин туюнтулушуна байланыштуу, анын критерийи да таанып-билүү мамилелерин чагылдырууга тийиш. Коомдук практика дал ушундай мамилелерди туюнта турган А-тын критерийи болуп саналат. А. практикада ар түрдүү жолдор м-н текшерилет. Практиканын ар бир конкреттүү формасы көбүрөөк жетилген формасы м-н алмашылып турат. Ошондуктан диалек. материализм практикага зор маани берүү м-н бирге практиканы абсолютташтырбайт. Коомдук теориялардын А-туулугу эл массасынын, таптардын өндүрүштүк, экон. ж-а саясий иш-аракеттеринде иш жүзүнө ашырылышы м-н далилденет.

Ад.: Маркс К., К критике политической экономии, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 13; Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Чыг., кырг. бас., 14-т; ошонуку, Философиялык дептерлер, Чыг., кырг. бас., 38-т.

АКЫЙНЕК, акый — кыргыз оозеки поэзиясындагы айтыш жанрынын бир түрү; кордоо, шакаба чегүү, мыскыл мүнөзүндөгү жаш кыздардын айтышы. Кыргыздар уруулук-феод. доордо жашаган учурда А. айтышкан кыздар тууган-уругуна, айыл-конушуна карата эки жаат болуп бөлүнүп, маңдай-тескей туруп, бири экинчисинин кемчилигин алмак-салмак чукуп, көбүнчө ата-энелеринин бай-кедейлигин, баатырдык м-н коркоктугун ж. б. сапаттарын мактап же кордоп айтышкан. А. муз. аспапсыз, көбүнчө обонго салынбай айтылган. А. жалаң эле кордоо, мазактоо мүнөзүндө болбостон, кээде сөзгө чечендикти, сөз тапкычтыкты сынашуу максатын көздөп оюн-зоок, тамаша иретинде да айтылган.

Текст: Айтыштар, 1 т., Фр., 1972.
Ад. Ирисов И., Балдарга арналган элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн, Фр., 1972.

АКЫЛ КАРАЧАЧ — акылмандык ж-а чечендик жагынан элдик идеалды туюндурган фольклордук каарман. Уламыш б-ча, Жаныбек хандын доорунда жашаган Жээренче Чечендин келини. Ошондуктан көпчүлүк окуяларда экөөнүн ысмы катар жүрөт. Эл Карачачты кара кылды как жарган калыс, даанышман, Жээренче Чеченден да акылдуу ж-а сөзмөр кылып сүрөттөйт. Жээренче Чечен, кара өзгөй хан кыйыктаганда, келининин айла-амалы, акылы аркасында гана кутулат. Акылга сергек, сөзгө чебер А. К. ала көөдөн, акылсыз ханды сөзгө жыгып, өз башынын эркиндигин коргоп калат. Акыл Карачачтын образы элдин таза, нукура көз карашын, келечек идеалын чагылдыргандыгы м-н баалуу.

АКЫЛ ТАРБИЯСЫ — коммунисттик тарбиянын негизги бир бөлүгү. А. т. адамдын аң-сезимин, акыл-эсин, дүйнөгө көз карашын, билимин, түшүнүктөрүн, сүйлөө маданиятын калыптандыруу, тарбиялоо, өстүрүү маселелерин камтыйт. А. т. адамдын бала чагынан башталып, өмүрүнүн акырына чейин созула берет. А. т-н жүргүзүүдө мектептин, окуу жайларынын ролу зор. Сов. мектептерде жаштарга жалпы билим берүү А. т-нын негизин түзүп, политех. окуу, эмгек, правалык, эстет. ж-а дене тарбиясы м-н тыгыз байланышып, алардын бардык жактан өсүшүнө түздөнтүз таасир кылат. А. т. мектептен тышкаркы убактарда ж-а коомдук, үй-бүлө шартында да ишке ашырылат.

АКЫЛ ЭМГЕГИ — адам эмгегинин бир түрү. Адамдын жашашы үчүн жаратылышта даяр нерсе жок, ошон үчүн ал өзүнө керектүүнүн баарын өндүрүүгө аргасыз болот. Алгачкы учурда адам кара күч м-н жан бакан. Бара-бара кара күч эмгеги өндүрүштүн талабын алымсындыра албай калган. Коомдук өндүрүштүн өнүгүшү м-н акыл эмгеги бөлүнүп чыгып, илим, техника, маданият, иск-во тармактарын өнүктүрөт. А. э. коомдо үстөмдүк кыла баштагандан тартып анын ролу өзгөчө бааланат. Коомдук ж-а өндүрүштүн талабын эсепке алып, бастан эле бардык жасалган иштерди, цивилизациянын тез өнүгүшүн адамдар толугу м-н акылга таандык кылышкан. Бара-бара бардык нерсенин негизинде акыл (идея) жатат деген идеалисттик көз караш пайда болгон. Мындай түшүнүк б-ча коомдук өнүгүш башкаруучунун акылына жараша болот, тарых дегенибиз ал-дын ала коюлган максаттын гана жүзөгө ашырылышы имиш. Ушул түшүнүктүн негизинде «тарыхты акылмандар, баатырлар жасайт» деген идеалисттик теория келип чыккан. К. Маркстан мурдагы окумуштуулар акылдын тубасалыгына ишенишкен. Тарыхта 1-болуп бул маселени К. Маркс м-н Ф. Энгельс гана туура түшүндүрүшкөн. Алар өндүрүштүн талабы адамдардын алдына эмнени өндүрүш керек ж-а кантип өндүрүш керек деген суроолорду коюп тургандыгын, ушул суроолорго жооп болуп, тышкы дүйнөнүн мээге чагылышы катарында акыл келип чыгарын, демек акыл тубаса эмес экендигин аныкташкан. Анткени адам акыл м-н иштеш үчүн акылга ээ болуш керек. Мына ошонун өзү окуу, илим үйрөнүү, адистикке ээ болуу болуп саналат.

АКЫЛ ЭМГЕГИ МЕНЕН КҮЧ ЭМГЕГИНИН ОРТОСУНДАГЫ КАРАМА-КАРШЫЛЫК — адамзат тарыхындагы эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн негизги түрү. Анын келип чыгышы эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн ж-а өнүгүшүнүн негизги шарты болгон. «Эмгектин бөлүнүшү,— дейт К. Маркс ж-а Ф. Энгельс,— материалдык ж-а акыл эмгегинин бөлүнүшү пайда болгон учурдан баштап гана чыныгы бөлүнүү болуп эсептелет» (Маркс К. и Энгельс Ф., Соч., т. 3, стр. 30). Жеке менчиктин ж-а антагонисттик таптардын пайда болушу А. э. м. к. э. о. к-ка алып келген. К. Маркс белгилегендей, табигатта баш м-н кол бир эле адамга тиешелүү болгондой, эмгек процесси да акыл эмгеги м-н күч эмгегин камтып турат. «Акырында,— дейт К. Маркс,— алар ажырашат ж-а кастык карама-каршылыкка өсүп жетет» (Маркс К. и Энгельс Ф., Соч., т. 23, стр. 516). Бул антагонисттик каршылыктын күчөшү адамдардын ар тараптан өнүгүүсүнө жолтоо кылып, бир жактуу, бир багытта өнүгүшүнө шарт түздү. Мына ушундай карама-каршылыктар социализмге чейинки бардык таптык коомдорго тиешелүү. Бирок бул карама-каршылыктын мазмуну бардык таптык коомдордо бирдей деп айтууга болбойт. Алсак, кул ээлөөчүлүк доордо ээүүчү таптар эмгектен оолакташып, эзилүүчү таптын өкүлдөрүнөн илимпоздорду, врачтарды, артисттерди ж. б-ды даярдашкан. Феодализм тушунда бул айырманын өөрчүшү шаар м-н айыл ортосундагы карама-каршылыктын тереңдигине байланыштуу эле. Бул учурда акыл эмгеги феодалдар м-н дин кызматкерлеринин толук монополиясына айланган. Капит. коомдо А. э. м. к. э. о. к.-к. апогеясына жетет. Анткени өндүрүш процессинде акыл эмгеги күч эмгегинен акыр-аягына чейин ажырап, эмгекчилер билимин жогорулатуу, кесибин өнүктүрүү, өндүрүштү ж-а коомду башкаруудан четтетилет. Соц. өндүрүш мамилелеринин түзүлүшү, жеке менчиктин жоюлушу адамдар ортосунда эмгектин коомдук бөлүнүшүн түп-тамырынан бери өзгөрттү. Коомдук менчиктин үстөмдүгү жумушчу, дыйкан ж-а интеллигенттер ортосунда достук, кызматташтык мамилени орнотту. Бул учурда эмгекчилердин бардык катмарларынын билим алуусуна, маданий деңгээлинин жогорулашына кеңири жол ачылды. Бирок бул социализм доорунда А. э. м. к. э. о. к.-к. толук жоюлду дегендикке жатпайт. Али да болсо эмгектин мүнөзүнүн ар түрлүү болушу, эмгекчилердин ар түрдүү катмарынын маданий-тех. билим деңгээли, эмгек акысынын өлчөмү бирдей эместиги. Бул эки эмгектин арасында белгилүү айырма барын көрсөтөт. Демек мындай социалдык айырмалардын жоюлушу — татаал ж-а узак процесс. Бул үчүн сов. окумуштуулар белгилегендей, төмөнкү квалификациялуу күч эмгегин жоюу, акыл эмгеги м-н күч эмгегин тыгыз айкалыштыруу, эмгекчилердин маданий-тех. билимин жогорулатуу, алардын эмгек ж-а турмуш-тиричилик шарттарын жогорулатуу зарыл.

АКЫЛБЕКОВ Сабырбек Мамбетсыдыкович (15. 3. 1914, Калинин р-ну, Кум-Арык кыш.— 15. 4. 1968, Фрунзе) — кыргыз совет сүрөтчүсү. Кырг. ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1958). 1961-ж-дан КПСС-тин мүчөсү. Жалал-Абад пед. окуу жайында (1928—32), Москвадагы 1905-жылдын эстелиги атн. сүрөтчүлөр техникумунда (1936—39) окуган.



С. М. Акылбеков.

Адегенде С. А. Чуйковдон ж-а В. В. Образцовдон, кийин белгилүү орус совет художниктери Н. П. Крымов м-н П. И. Петровичтен таалим алган. Пед. окуу жайында, мектепте сүрөт мугалими (1932—1934), Фрунзедеги сүрөт окуу жайында педагог (1956-61) ж-а директор (1961-1965) болуп иштеген. Алгачкы пейзаждык чыгармасы — «Колхоздун короо кою» (1939) деген картинасында А. сүрөтчүлүккө жөндөмдүүлүгүн даана көрсөтө алган. 1939-ж. Москвада өткөн кыргыз иск-восунун декадасында анын чыгармалары көргөзмөгө коюлат. А. кыргыз сүрөт өнөрүнө чебер пейзажист ж-а портретист катары кирген. Буга анын «Чүй өрөөнүндө», «Алыскы жайлоодо», «Колхоз корукчусу», «С. Момунованын портрети» деген сүрөттөрү күбө. 1952-ж. кыргыз сүрөтчүлөрү м-н бирге Кыргызстан мамл. Ленин ордендүү академиялык опера ж-а балет театрын коолдоого катышат. «Кыргызстан талааларында» (1954) деген сүрөтү А-дын этаптык чыгармасы болуп калды. Бул чыгармасында илимий прогресстин натыйжасында кол эмгеги техника м-н алмашканын чебер көрсөткөн. 1960-ж-дар А-дын чыгармачылыгы кемелине жетип, ал «97-чакырымда» (1960), «Кыргызстандын түштүгүндө» (1964), «Шаардын бир бурчу» (1964), «Туулган жерде» (1965) ж. б. белгилүү пейзаждык чыгармаларын жаратты. Өмүрүнүн акыркы жылдарында А. респ-кабыздын дүркүрөп өскөн индустриясын чагылдырган «Завод» (1965), «Заводдук трасса» (1966) аттуу картиналарын тартты. А. Эмгек Кызыл Туу ж-а «Ардак Белгиси» ордендери, медаль м-н сыйланган.

Чыг.: С. Акылбеков, Каталог, Фр., 1971.
Ад.: Прыткова Л. А., Сабырбек Акылбеков, Фр., 1968.



С. М. Акылбеков. «97-чакырымда». 1960-ж. к. м. КМСИМ.

АКЫЛ-ЭС — чындыкты таанып-билүүнүн, аны ар тараптан изилдеп, маанисин ачуу м-н жете түшүнүүнүн эң жогорку илимий-теориялык баскычы. Акыл жаратылыштагы ж-а коомдогу кубулуштардын себептери м-н маңызын табууга, аларды ар тараптан караштырууга, карама-каршылыктардын биримдигин ачууга болгон жөндөм болсо, эс — туура ой жүгүртүүгө, ой корутундусун чыгарууга, өзүнүн пикирин ырааттуу баяндоого, бир нерсени ойдо көпкө тутууга болгон жөндөм. А.-эстин илимий таанып-билүүдөгү жөндөмдүүлүгү коом м-н табияттын көрүнүштөрүндөгү татаал процесстердин закон ченемдүүлүктөрүн аныктоодон байкалып, адамдын ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн чыгармачылык дараметин мүнөздөйт. К. Маркстын аныктамасы б-ча, А.-эс дегенибиз — ар кандай нерсени анын маанисине ылайык чагылдырылышы. Байыркы замандын матер. философтору А. эстин күчү м-н жөндөмдүүлүгүнүн булагын аң-сезимден издебей, объективдүү дүйнөнүн жалпы өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүнөн издешкен. Табият ж-дөгү ж-а матем. илимдеринин өнүгүшүнүн натыйжасында акыл түшүнүгү 17-к-дын философиясында таанып-билүүнүн негизги маселесине айланган. Жаңы заманда рационализм акыйкаттын негизи акылдын өзүндө деген корутундуга келген. Таанып-билүү теориясындагы ушул идеяларды Декарт, Спиноза, Лейбниц ж. б-лар өнүктүрүшкөн. Акыл м-н эстин концепциясын 1-жолу Кант түзгөн. Бирок Кант адамдын акылынын таанып-билүү жөндөмдүүлүгү белгилүү чектен аша албайт деген агностикалык түшүнүккө таянып, адамдын акылынын мүмкүндүгүн кемиткен, аны эстин чегинде калтырган. Канттын таанып-билүү теориясы ж-дө В. И. Ленин мындай дейт: «Кант акыл-эстин күчүн кемсинтет», «Гегелдин Кантка каршы чыгышы, чыныгы маанисинде, абдан туура. Ойлоо конкреттүү нерседен абстракттуу нерсеге бет алганда, эгерде ал туура ойлоо болсо,... акыйкаттан алыстабайт, кайра ага жакындайт» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 38-т., 178-б.). Гегель абстракттуу жалпылыкты, абстракттуу бара-бардыкты, абстракттуу чексиздикти, каршылыктардын категориясын субъективдештирүүнү, тийиштүүлүк м-н маанилүүлүктүн дуализмин ж. б. эске таандык мүнөздөрдү терең талдоо аркылуу акыл түшүнүгү үчүн жол тазалаган. Акыл маселесин адамзат маданиятынын өнүгүшүнүн объективдүү логикасына алып келүү ар-

кылуу акылдын диалек. жалпы маанисин туура баамдаган. Бирок акылдын нерседен, адамдын иш-аракетинен, керт башынан обочолонгон түрүн бүткүл дүйнөгө үстөмдүгүн жүргүзүүчү кудуреттүү күч деп тааныган. Акыл маселеси ж-дө азыркы кездеги бурж. философияда *иррационализм* ж-а *рационализм* деген эки багыт бар. Марксизм А.-э. маселелерин чечүүдө адамдын иш-аракети м-н таанып-билүүдөгү социалдык табиятын изилдөөгө таянат. Акылдын илимий мүнөзүн таанып-билүү теориясы белгилүү бир доорго, адамзаттын тажрыйбасына байланыштуу карайт. Логика акылды ой тыянагынын чындыкка ылайык келишин же келбесин түрдүү ой болжолдорун колдонуп изилдесе, психология акылды адамдын иш-аракетинин убагында түрдүү милдеттерди чечишине же чече албашына байланыштуу талдайт. Белгилүү бир сапаттын бир адамда башка адамга караганда басымдуу болушу анын иштеген ишине байланыштуу. Адамдын акылы коомдун, өндүргүч күчтөрдүн ж-а илимий тажрыйбанын кулач жайышына карай дайыма өзгөрүп турат.

Ад.: Энгельс Ф., Диалектика природы, Маркс К. и Энгельс Ф. Соч., 2 изд., т. 20 стр. 528; Копнин П. В.; Рассудок и разум и их функции в познании, «ВФ», № 4, 1963.

АКЫЛ-ЭСТЕН ТАНУУ—адамдын коркуп-чочушунан ж-а күн ысыгынын организмге өтүшүнөн кыска мөөнөткө акыл-эсин жоготуу. Мында капысынан мээдеги кызыл кан тамырлардын бир нече секунд кысылышынан кан айлануу начарлап, мээнин клеткалары кычкылтектен жутап калат. Мээ кыска убакытка иштебей, адам эсинен танат. Оорунун белгилери: адамдын өңү кубарып, көзү тунарат, башы айланып, кулагы чуулдайт, кан тамырлары тез-тез согуп, демигет, айланасында эмне болуп жатканын сезбей, көңүлү айнып, эси оойт. А.-э. танган кишини чалкасынан жаткызып, таза аба м-н дем алдырып, бетине муздак суу чачуу керек, абалы жакшырбаса, кан тамырларды кеңейтчү, дем алуу борборун жеңге салчу дарыларды берүү сунуш кылынат. Бул ооруну алдын алуу үчүн чочубоо, коркпоо, ысык күндүн табына урунбоо керек.

АКЫН — кыргыз-казакта оозеки түрдө алдын ала камынбай шыдыр ыр чыгарган адамдын наамы. «Ырчы» деген сөзгө маанилеш. Ырчылар рев-яга чейин ырчылык дээрине, чеберчилигине, чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө жараша нускоочу, жомокчу, жамакчы деп бөлүнгөн. Ырчылардын чыгаандары гана А. деп аталган. «А.» терминининин теги ж-дө филол. илиминде эки түрдүү көз караш бар: В. В. Радлов, Н. А. Батманов өңдүү илимпоздордун болжолу б-ча А. «ак» деген буйрук этиштен жасалган; К. К. Юдахиндин божомолунда А. уйгурча ахунд (окумал, акылман, билимдүү маанисинде) деген сөздөн кыргыз тилине кирип, адегенде чыгарган ырын жаза билген бирин-серин сабаттуу ырчыларга карата айтылган ж-а кийинчерээк гана төкмө ырчыларга көчкөн. Рев-ядан кийин «А.» терминининин мааниси кеңейип, орусча «поэт» деген маанини алып, ыр жазган, ыр жазууну кесип кылган адамдар да А. деп аталып калды. А. азыр көбүнчө ушу маанидө колдонулат.

Ад.: Юдахин К. К., О киргизском термине «акын». Сб. статей Академику Гордлевскому, М., 1953; Радлов В. В., Образцы народной литературы северных тюркских племен, ч. 5, СПБ, 1885; Ысмайылов Е., Акындар, А., 1956.

АКЫР — малга тоют салынуучу жасалга. Ал таштан, кирпичтен, бетондон салынып, чырпыктан токулуп, көбүнчө жыгачтан малдын түрүнө, жашына ж-а тоюттандыруу ыгына ылайык жасалат. А-га салынган тоют коромжуга аз учурайт.

АКЫР ЗАМАН — адамдын аң-сезимин ууландырып келген диний үгүттөрдүн бири. Бул үгүт б-ча А. з-да жер сиякинип, тоолор урап, топон суу жүрүп, бүткүл дүйнө астын-үстүн түшүп, тиричилик жылас болот. А. з. ж-дөгү үгүттөр байыркы заманда эле чыккан. Байыркы еврейлердин диний китеби — *тооратта,* христиан дининин *инжилинде* А. з. ж-дө көп айтылат. Куранды курaштыруучулар бул түшүнүктү мурда чыккан диндерден алган. А. з. ж-дөгү түшүнүк кыргыз арасына ислам дини м-н бирге келген.

АКЫРЕТ (тигил дүйнө) — тигил дүйнөнүн бардыгы ж-дөгү жалган түшүнүк. А-теги бейишке молдолор — мусулмандарды, поптор — христиандарды, раввиндер еврейлерди гана чыгат дешип ишендиришет. Куран адамдын жер бетиндеги турмушу А-теги түбөлүк турмушка даярдык көрүүсү деп карайт. Куран б-ча, адам кудайдын кулу, ал жазмыштан ашпайт, түбөлүк багынычтуу болуп өтүүгө тийиш, ошондо гана *бейиштен* орун алып, муратына жетет. А. ж-дөгү түшүнүк — эзүүчү таптардын, молдо, сопулардын ойлоп чыгарганы, ал элдин аң-сезимин уулaндырат. Марксизм-ленинизм А. ойдон чыгарылганын эчак эле далилдеген.

«АКЫРКЫ КАБАРЛАР» — өлкөбүздөгү, республикабыздагы ж-а чет өлкөлөрдөгү маанилүү окуялар ж-дө кыскача, мазмундуу ж-а түшүнүктүү кылып радиодон угузуу. «А. к-да» партиялык ж-а сов. органдар тарабынан кабыл алынган офицалдуу документтер, токтомдор, чечимдер, ар түрдүү жаңы кампаниялар, алардын башталышы, жүрүшү ж-а бүтүшү ж-дө кабарланат ж-а комментарияланат. «А. к.» респ-кабызда радио угузуулар жүргүзүлө баштаганда эле (1932), пайда болгон.

АКЫРЫНДЫК МЕНЕН БАРУУДАГЫ ҮЗГҮЛТҮК — *өнүгүүнүн* мүнөзүнүн кескин өзгөрүшү, сандык өзгөрүүлөрдүн секирикке, сапаттык өзгөрүүлөргө өтүшү, к. *Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүшү.*

АКЫСЫЗ ОКУТУУ — биздин өлкөдө элге билим берүүнүн негизги принциптеринин бири. СССРде А. о. Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып ишке ашырылган. СССР Министрлер Советинин 1956-ж. 6 июндагы токтомунун негизинде бардык окуу жайларында акы төлөнбөй окутулат.

АКЫСЫЗ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ — бир ишканадан (уюмдан, мекемеден) экинчи ишканага имарат, курулуш жабдуу ж-а транспорт каражаттарын балансстан балансска өткөрүп берүү. А. ө. б. СССР Министрлер Советинин, союздук респ-калардын министрлер советинин, мин-волордун, ведомстволордун, эмгекчилер депутаттарынын советинин аткомдорунун чечимине ылайык жүргүзүлөт. А. ө. б-дө тийиштүү мүлктүн балансалык баасы өткөрүүчү ишкананыкынан же мекемекинен чыгарылып, алуучунукуна көторулат. Ишкана бардык балансалык активи ж-а пассиви м-н өткөрүлүп берилет.

АЛА (vitiligo; лат. vitium — так) — териге түс берүүчү заттын (пигмент) бузулушунан денеде ар түрдүү көлөмдөгү пигментсиз ала тактардын пайда болушу. А. көбүнчө теңдеш жайгашып, бири бирине кошулуп чоңоюуга ыңгайлуу келет. Аны кеселчүлүк окумуштуулар организмге керектүү заттарды иштеп чыгарчу ички бездердин, өзгөчө богок безинин оорусунан пайда болоорун байкашкан. А. жаштарда ж-а аялдарда көбүрөөк кездешет да, көбүнчө бет, моюн, кол терилеринде болот. Дарылоо оорунун карата жүргүзүлүп, витамин ж-а кызгылт көк нурлар колдонулат.

АЛА БАКАН — тамак-аш, идиш-аяктар, кийимдер ж. б. илине турган буюм. А. б. көп бутак-ачалары бар четинден, арчадан, кайыңдан, талдан ж-а жоон сейрек бутактуу шырыктан жасалган. Мындай А. б-дар боз үйдүн ашканасында болгон. Тамак-аш, идиш-аяк илинүү м-н ал чыгданды тосуп да турган. Абдан катуу түз жыгачтардын ар кайсы жерине темир же жез илгичтерди (6—10) бекитип, абдан кооздоп, күмүш, калай, жездерди чөгөрүшкөн. Мындай А. б. жеке эле чыгдандын ичине коюлбастан, жүктүн эки жагына да орнотулган. Алардын эр жагындагысына эркектердин кийим-кечектери, куралдары, буюмдары, эпчи жагындагысына аялдардын сый кийим, жасалгалары, ат жабдыктары ж. б. илинген. А. б-дын нечен түрлөрү сейрек болсо да азыр деле кездешет.



1. Күмүш ала бакан.
2. Жыгач ала бакан.

АЛА ГҮЛ (Viola) — ала гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык, айрымдары бир жылдык өсүмдүк. Сабагынын уз. 15—20 *см.* Суук түшкөнчө көгөрүп турат. Гүлү кызгылт көк, ак же сары, жыпар жыттуу. Анын 500 гө жакын түрү белгилүү. СССРде 100 дөн ашык түрү учурайт. Булардын ичинен алтай, жыпар жыттуу ж-а 3 түстүү А. г. кеңири таралган. Алтай А. г. тоо шалбааларында, Алтай тундраларында, Тянь-Шань тоолорунда өсөт. Кыргызстандын шаарларындагы гүлзарларда көбүнчө алтай А. г өстүрүлөт. Жыпар жыттуу А. г. СССРдин Европа бөлүгүндө кездешет. Көп жылдык А. г. өсүмдүгүнөн эфир майы алынат.

АЛА ГҮЛДҮҮЛӨР (Violaceae) — эки үлүштүүлөр классындагы тукум, көп жылдык чөп, жарым бадалдар, бадалдар түрүндөгү өсүмдүктөр. Гүлү эки жыныстуу, туура же туура эмес түзүлүштүү, беш мүчөлүү. Гүлдөрү жалгыздан же топ гүлдү түзөт. Жалбырагы сабакка кезектешип, айрымдарыныкы тушташ жайланышат. Көпчүлүгү жан жалбыракчалуу, көэси тамырлаш жалбырактуу. Мөмөсү — кутуча. А. г-дүн 850 гө жакын түрү бар, алар тропиктик ж-а мелүүн алкактарда кеңири таралган. Кыргызстанда бир уруусунун 19 түрү өсөт. А. г-дүн дары-дармек катары пайдаланылуучу, гүлзарларда кооздук үчүн өстүрүлүүчү түрлөрү көп.

АЛА ЖӨРГӨМҮШ (Araneus diadematus) — жөргөмүш сымал классындагы түр. Денесинин уз. 0,7—11 *мм.* А. ж. баш, көкүрөк ж-а сегментсиз курсак бөлүгүнөн турат. Эки жуп жаагы ж-а 6 жуп буту бар. Биринчи жуп жаагы хелицерлер деп аталат. Уу безчелери хелицерлеринде жайгашкан. Курсак бөлүгүндөгү түтүкчөлөр аркылуу илээшкен суюктук агып турчу желе бездери бар. Жөргөмүш кыймылдаган кезинде ошол илээшкен суюктугу абада катып, желе жипчелерине айланат. А. ж. жемин (чымын, көпөлөк, аары ж. б.) желесине түшүрүп, соруп жейт. А. ж. Европада кеңири таралган.

АЛА КЕСКЕК (Eremiasarquta Pall) — сойлоочулардын бир түрү. Түсү күңүрт боз, жонунда туурасынан кеткен күрөң же ак тактуу каралжын темгилдер бар. Өрөөндөрдө жашайт. А. к. май айында топуракка 7—11 жумуртка тууйт, андан июнда кичинекей кескектер чыгат. А. к. Румынияда, Жунгарияда, Кашкарда, Турцияда, Иранда, СССРде, О. Азияда, Кавказда, Казакстанда таралган. Кыргызстандын Чүй, Талас, Ысык-Көл өрөөндөрүндө кездешет. Зыянкеч курт-кумурскалардын личинкаларын жеп, а. ч-га пайда келтирет.

АЛА КИЙИЗ — түр салынып жасалган кийиз. А. к. кара койдун жүнүнөн жасалат. Сабалып, майда тытылган жүн чийдин үстүнө текши төшөлөт да, калың, жука жерлери текшиленип, чабакталат, үшмөктөп түйдөктөлгөн жүндөн түр (сайма, кеште) салынат. Түр салынган жактары бузулбасын деп улам четинен этияттык м-н түрүлүп турат. Түр салынгандан кийин төшөлгөн жүнгө ысык суу себилип, чий жүн м-н кошо оролот да, анын эки башына кап же башка нерсе кийгизилет; оролгон чий сыртынан жип м-н бекем чырмалат; ошондон кийин аласалдырып тебе башташат. Бул жумуш болжол м-н 1—1,5 саатка (жүндүн киришине жараша) созулат. Жүнү кирген кийиз чийден абай м-н чыгарылып, түрүлөт да, оңду-солду басылат. Бышырылганда гана А. к. бүттү деп эсептелет. А. к-ды көбүнчө аялдар жасайт, тебүү ж-а сүйрөө иштерине эркектер да катышат. А. к. Кыргызстандын бардык жеринен учурайт.

АЛА КУРТ (Vermipsylla) — бүргөлөр уруусундагы мите. Анын эки түрү бар: биринчиси — (Vermipsylla alacurt) үй, кой, эчки, жылкы, төө, ит ж-а тоокто болот; Кыргызстанда кеңири таралган: экинчиси — (Vermipsylla lorcadina) туяктуу жаныбарларда мителик кылат. Көбүнчө Кытайда, Монголияда кездешет. Ал пайда кылган ылаң А. к. ылаңы деп аталат, аны м-н бардык мал ылаңдап, айрыкча кой, жылкы катуу жабыр тартат. Бир курт суткасына 100 *мг* дан ашык малдын канын сорот. Ал малда 3 айга чейин жашайт, денесин кычыштырат. Андан тери канталап, жүн кырчылып түшөт; малдын каны азайып, арыктайт, кээде өлүмгө учурайт. Дарылоо: 10% түү хлорофос эритмеси м-н малдын денеси жуулат, териге дуст себилет. Профилактика: А. к. кездешкен жайытты тазалоо, короонун тегерегиндеги кыкты өрттөө, дезинфекциялоо.

АЛА КҮЛҮК — (Epicauta erythrocephala) — курт-кумурскалар классындагы коңуздар түркүмүндөгү жаныбар. Денесинин уз. 11—38 *мм.* Тула бою тайкы түкчөлөр м-н капталган, түсү жалтырак. А. к-түн арткы буту узун. Алдыңкы ж-а ортоңку бутунун таманы 5, арткы бутунун таманы 4 муунактуу болот. Жылуу нымдуу жерлерге байырлуу. Ургаачы А. к. нымдуу топуракка жумурткалайт. 20—40 күндөн кийин жумурткадан личинкалары чыгат. Личинкалары (триунгулиналары) азия чегирткенин, прусниктердин жумурткаларын жеп, тукумун азайтат. А. к-түн коңуздары август айынын 1-жарымында пайда болот да, күздө личинкалары жалган куурчакчага айланып, кышында 10—40 *см* терең топурактын ичинде кыштайт.

АЛА ӨПКӨ ЫЛАҢЫ (Plevropnevmonia contagiosa equorum) — жылкынын өпкөсү м-н кабыргасынын былжырлуу челинин жугуштуу сезгенме ылаңы. Мунун ылаңдаткычы — вирус. А. ө. ы. м-н жалаң гана ай туяктуу мал ж-а айбандар (жылкы, качыр, эшек) ылаңдайт. А. ө. ы., ылаңдаган мал жөткүргөндө, бышкырганда, таралат. А. ө. ы-на ургундай быштысынан үч асыйга чейинки жылкы жалакайлык кылат, карысы анча тоотпойт, кулундардын чанда бирөө гана ылаңдайт. А. ө. ы-нын клиникалык жышааналарынын негизгилери: мал оттобой, шылкыйып, шайы бошоңдоп, денесинин темп-расы 40—41° га чейин көтөрүлүп, 6—9 күнгө чейин ошол калыбында турат; тамыры лакылдап ылдам кагат. Оозу, мурдунун ичи, көзү саргыч тартып, ылдам дем алат, кээде мурдунан сары суу же шүйшүн агат. Ылаңдын 5—6 күнү кооптуу, оңуна алса, темп-расы төмөндөп, айыгуу жышааналары башталат да, 15—20 күндөн кийин мал айыгат. Ылаңдан малдын өпкөсү сезгенип, түсү өзгөрөт (кызыл ала, боз ала), ылаңдын аты ушуга жараша коюлган. Кабырганын ички чели да сезгенип, сары сууга ширелип килкилдеп, өпкөгө жабышып калат. Ылаңдуу мал бөлүнүп, чарбага карантин коюлат. Дары катарында новарсенол, камфора, кофеин колдонулат. Аткана ар бир 10 күндө 4—5% түү хлорлуу аки таш м-н дезинфекцияланат. Ветеринария чараларын ийгиликтүү жүргүзүүнүн натыйжасында бул ылаң Кыргызстанда көп жылдан бери кезикпейт.

АЛА ТАМАК — илгери кыз-келиндер көкүрөгүнө тагынган асем буюм. Маржан мончоктордон куралган торчо түрүндө жасалган. Бермет, седеп м-н да кооздолгон. Асты жагында жамбы же тыйын кадалган кыюусу болгон. Желке жакка байлап, көкүрөккө жая тагынышчу. 19-к-да кыргыздардын бардык жеринде болуп, 20-к-дын башында жоголо баштаган.

АЛА ЧЫЙЫРЧЫК — таранчы сымалдар түркүмүндөгү келгин канаттуу, к. *Чыйырчыктар.*

АЛА ЧЫЧКАН — кемирүүчүлөр түркүмүнүн тыйындар тукумундагы жаныбар. А. ч. жалпы көрүнүшү б-ча кадимки тыйын чычканга окшоп, андан бир аз кичине. Денеси жүн м-н капталган. Денесинин уз. 17 *см* ге чейин. А. ч-дын башынан жон куйругун көздөй кеткен 5 кара тилкечеси, о. эле ич жагында баштыкчалары бар. Буттары карагай, бактарга чыгууга ылайыкталган. А. ч-дардын Америкада, Азияда, Европада таралган 20 га жакын түрү бар. СССРдин Европа

болугунун түн.-чыгышындагы токойлордо ж-а Азияда (Сибирде) жашоочу бир гана түрү азия А. ч-ны (Eutamios sibiricus) бар. А. ч. ийинде жашап, кышкысын чээнге кирет. Жылына бир же эки жолу 4—10 кызыл эт мөндөлөй тууйт. Жыл мезгилине байланыштуу азия А. ч-нын жеген жеми ар түрдүү болот. Алар карагайлардын ж. б. бак-дарактардын



уруктарын, бүчүрлөрүн, козу карындарды жейт. Аңчылыкта азия А. ч-нын териси баалуу.

АЛА ШАЛБЫРТ — эрте жаздагы кар эрип, жер ала-телек болгон мезгил. Бул учурда түш. тараптан тропиктик жылуу аба массалары келип, абанын темп-расын кескин өйдөлөтөт; жер кыртышындагы тоң кете элек болгондуктан, кар катмары текши эмес, ала-телек болуп эрийт.

АЛА ЭТТҮҮ ЫЛАҢ, дабдыраң — жаш мал организминдеги зат алмашуу бузулушунан, булчуң эттин бышарып кетишинен, ж. б. ткандардын өзгөрүшүнөн чыккан ылаң. Ал музоо, козу, торопой, жөжөдө кездешет. Көпчүлүк окумуштуулар ылаңдын өөрчүшүнө фосфордун, белоктун, микроэлементтердин (кобальт, жез, марганец, йод) ж-а витаминдердин (каротин ж-а токоферол) жетишсиздиги ж-а бир өңчөй тоюттандыруу түрткү болот деген пикирде. Ылаңга чалдыккан төлдүн шайы кетип, жаталактайт. Тоютка көөнү чаппай, ичи өтөт, кээде денеси ысып, баскан-турганы бузулуп, деми кыстыгып, колубуту шал болуп, жабыркайт. Ылаң 3—7 күнгө созулуп, кээде өлүмгө учуратат. Дарттуу малды жакшылап багып, витаминдери, микроэлементтери мол тоюткор берүү керек. Дары катары селенит-натрийдин (0,5%) суудагы эритмеси ж-а антибиотиктер колдонулат.

АЛА-АРЧА — Кырг. ССРинин Чүй өрөөнүндөгү суу, Чүй д-нын сол куймасы. Уз. 78 *км*, алабынын аянты 270 *км*^{2}, Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Жогорку агымы кууш капчыгай аркылуу агат да, Кашка-Суу кошулган жерден тартып өрөөнгө чыгат. Ири куймалары: Ак-Сай, Теке-Төр, Топ-Карагай, Туюк-Суу, Жинди-Суу, Адыгине ж. б. Алабында 5 көл бар. Жазгы ж-а күзгү нөшөр жамгырда сел жүрөт. Суу май айында кирип, сентябрдын аягында тартылат. Жылдык орточо чыгымы 4,17 *м*^{3}*/сек*, эң көбү 50 *м*^{3}*/сек*, эң азы 0,81 *м*^{3}*/сек*. Кар, мөңгү ж-а булактардан куралат. Өзөнүндө жогорку ж-а төмөнкү А.-А. суу сактагычтары курулган. Сугатка кеңири пайдалангандыктан, Чүй д-на жетпейт. А.-А. суусунун боюнан Фрунзе ш., Кашка-Суу, Воронцовка, Орто-Алыш, Чоң-Арык, Орто-Сай кыштактары орун алган.

АЛА-АРЧА КАПЧЫГАЙЫ Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында, Фрунзе ш-нын түш. жагында (35 *км*). А.-А. к. түбөлүк кар зонасынан (3800 *м* бийиктиктен) башталып, Байтик өрөөнүнө (1600 *м*) чыгат. Уз. 30 *км*, туурасы 7 *км*. Капчыгай негизинен палеозойдун башында пайда болгон сланец, кумдук, конгломерат, гранит ж-а гранодиорит тоо тектеринен түзүлгөн. Рельефи ж-а генет. тиби б-ча капчыгай экиге бөлүнөт. Жогорку 14 *км* ге чейинки аралыгы кууш, тик капталдуу (40—45°), терең (800 *м* ге чейин), нугу тепши формасында. Ал антропоген мезгилиндеги мөңгүлөрдүн эрозиялык аракеттеринин натыйжасында пайда болуп, альпы, субальпы шалбаалары м-н капталган. Капчыгайдын төмөнкү бөлүгүнүн тамaны (тальвеги) жайык келип (300—500 *м*), тик капталдуу (30—40°), тереңд. 300—400 *м*. Бул жерде карагай, арча, бадалдуу шалбаа өсөт. Капчыгай аркылуу *Ала-Арча* суусу агат. Капчыгайда альпинисттик лагерь (2000 *м* бийиктикте) жайгашкан. Фрунзе ш-нан альплагерге чейин асфальт жолу курулган.

Ала-Арча капчыгайы. Адыгине.



Капчыгай — Фрунзе ш-нын эмгекчилеринин эс алуу жайларынын бири.

АЛА-АРЧА КЕНИ — Кыргызстандагы керамикалык чопо казып алынуучу жер. Аламүдүн р-нундагы Төмөнкү Ала-Арча кыштагынан 1,5 *км* түш. тарапта, Ала-Арча суусунун боюнда. Кен 1927-ж-дан белгилүү. 1933—55-ж-дан ортосунда мезгил-мезгили м-н «Средазгеолнеруд» трести тарабынан геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын боз, күңүрт сары түстөгү лёсс сымал чопо ж-а анын арасындагы шагылдуу кум линзаларынан турган антропоген мезгилинин дарыя чөкмөлөрү түзөт. Чопо катмарларынын жалпы калыңд. 43 *м*, анын чалгындалганы 4—8 м. Чопонун гранулометриялык составында өлчөмү 0,005 *мм* ге чейинки бөлүкчөлөр 2,8—27,6%, 0,005—0,05 *мм* — 56, 1—92%, 0,05—1 *мм* — 10,8—16,78%, 1—7 *мм* — 0,29—11,8%. Аянты 52 *га* жерде кендин запасы 2,1 млн. *м*^{3} (1955). Карьер түрүндө казылып алынган чоподон Фрунзедеги кирпич з-дунда «75—150» маркасындагы кирпич даярдалат.

АЛАБАМА — АКШнын түштүгүндөгү штат. Аянты 133,7 миң *км*^{2}. Калкы 3373 миң (1970). Админ. борбору — Монтгомери ш. Ө. ж-нын негизги тармагы: кара металлургия, металл иштетүү. Таш көмүр, темир, боксит рудалары казылып алынат. Химия, кагаз жасоо ө. ж. өнүгүүдө. Ири ө. ж. борбору — Бирмингем, Гадсден, Мобил. Теннесси суусунун боюнда ГЭС ж-а энергет. ишканалары бар. Хантсвилл өрөөнүндө авиаракета, жардыруучу заттарды чыгаруучу з-дар курулган. Пахта өстүрүү б-ча алдыңкы орунда турат ж-а эт багытындагы бройлер жөжөлөрү өстүрүлөт. Айдоо аянты 2,4 млн *га*. Жүгөрү, арахис, тоют өсүмдүктөрү эгилет.

АЛАБАТА (Atriplex) — шакардуулар тукумундагы бир же көп жылдык жалбырактуу чөп өсүмдүгү. Уругу шамал, суу аркылуу таралат. А-нын 225 түрү белгилүү, андан 33ү СССРде, 20дан ашыгы Кыргызстанда өсөт. Респ-када татар А., бутактуу А., жылтыр А.— көп тараган отоо чөптөр. Алар көбүнчө жол боюна, короо четине, кемерге, огородго, эгин жерге, бак арасына, пахта плантациясына чыгат. А-ны күзүндө ж-а кышында төө м-н кой жейт. Жайкысын ууктурушу мүмкүн. Каршы күрөшүү чаралары: даны ката электе чаап салуу, үрөндү тазалоо, айдоо аянтын жумшартуу.

АЛА-БАШ — Ысык-Көл обл-нын Тоң р-нундагы Ак-Терек сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атындагы к-здун аймагында. Тескей Ала-Тоонун түн. этегиндеги өрөөндө. Райондун борбору Бөкөнбаевден 60 км чыг., Рыбачье т. ж. станциясынан 64 *км* түш.-чыг. тарапта. Калкынын саны 742 (1972). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АЛА-БЕЛ — Талас Ала-Тоосу м-н Суусамыр кырка тоосунун кошулушундагы ашуу. А.-Б. аркылуу Фрунзе—Ош автомоб. трассасы өтөт. Бийикт. 3200 *м*. Уз. 30 *км*. Жылдык орточо темп-расы январда — 18,6°, июлда 7,3°С. Жылдык жаан-чачын 634 *мм*. Апрелде ашууда кардын калыңд. 100—110 *см* ге жетет. Ашуунун түш.-бат. тарабынан Чычкан, түн.-чыгышынан Суусамыр суулары башталат. Кыртышы таштак ж-а кумдак келип, көбүнчө альпы шиберлери өсөт. Ашууда жол эксплуатациялоо участогу (ДЭУ) ж-а кар-көчкү станциясы бар. Талас ж-а Токтогул р-ндорунун малы А.-Б. аркылуу Суусамыр жайлоосуна ашырылат.

АЛАБУГА — Нарын обл-нын Ак-Талаа р-нундагы суу, Нарын д-нын сол куймасы. Уз. 180 *км*, алабынын аянты 5820 *км*^{2}, анын 4% мөңгү түзөт. Арпа м-н Бычан суулары кошулгандан тартып, Алабуга аталат. Нарын өрөөнүнө чыкканда, нугу кеңейип, суусу тайыздайт. Оң куймалары: Жаман-Даван (64 *км*), Коңорчок (39 *км*), Кашка-Суу (33 *км*), Кум-Арык (23 *км*); сол куймалары: Бычан (40 *км*), Сөөк (45 *км*), Макмал (41 *км*), Кара-Суу, Миң-Жылкы, Мына-Келди, Кырчын-Булак ж. б. Май айында кирип, октябрда тартылат. Жылдык орточо чыгымы 26,5 *м*^{3}*/сек*, эң көбү 124 *м*^{3}*/сек*, эң азы 9,70 *м*^{3}*/сек*, А. мөңгү ж-а кар сууларынан куралат. Сугатка пайдаланылат. А-нын боюнда Кош-Дөбө, Коңорчок кыштактары жайгашкан.

АЛАБУГАЛАР (гр. Diptychus dybowskii) — каңылтырлар тукумуна кирүүчү балыктар. Денесинин уз. 50 *см*, салм. 3 *кг* га жакын, көпчүлүгү ала көгүш келип, кабырчыктары жок. А. Кыргызстандын Чүй, Талас сууларында, Ысык-Көлдө ж-а ага куюучу сууларда кездешет. Ысык-Көлдөгү А-дын денесинин уз. 48—50 *см*, салм. 3 *кг* га жакын. Агын суудагы А. кичине келип, чоңдорунун салм. 0,5 *кг* га жетет. Ысык-Көлдөгү А. апрель айынын 2-жарымынан баштап көлгө уругун таштайт. А. көлдө өскөн балыр, курт-кумурска, моллюска, үлүл, муунак буттуулар ж-а алардын личинкалары м-н азыктанат. Ысык-Көлдө А-нын эки түрчөсү жашайт. Алар бири биринен биол. өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланат. Тоңдогу балык з-ду А-ды жасалма жол м-н көбөйтүп санын арттырууда.

АЛА-БУКА — Ош обл-дагы Ала-Бука р-нун борбору, кыштак. Ош ш-нан 350 *км* түн.-бат. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 64 *км*. Калкы 2894 (1971). А.-Б-да кирпич з-д, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат, автобаза, а. ч. машиналарын оңдоочу, шоссе жолдорун эксплуатациялоочу, колхоз аралык курулуш иштерин жүргүзүүчү р-ндук мекемелер, оорукана, поликлиника, клуб, кинотеатр, китепкана, эки орто мектеп бар. А.-Б-нын 5 *км* түш.-бат. тарабында *Касан-Сай* суу сактагычы курулган, ал жерде жайкысын эмгекчилер эс алышат. Кыштактын түн.-чыгышында Шах-Фазил күмбөзү (13-к.) бар.

АЛА-БУКА РАЙОНУ — Ош обл-нын батышынан орун алган админ. район. 1936-ж. Кызыл-Жар р-нунан бөлүнгөн. 1956-ж. ага Чаткал р-ну кошулган. 1963-ж. Жаңы-Жол р-ну м-н бириккен, 1969-ж. кайрадан бөлүнгөн. Райондун аймагы Пскем, Талас тоолорун, Чаткал, Кызыл-Жар өрөөндөрүн ж-а Фергана өрөөнүнүн түн.-чыгышынан бир аз бөлүгүн ээлейт. Аянты 9145,6 *км*^{2}. Калкы 47131 (1974). Шаар тибиндеги эки посёлок (Сумсар, Терек-Сай), 8 сельсовет, 3 совхоз, 2 колхоз бар. Борбору — Ала-Бука кыштагы. Жеринин бети (80%) тоолуу. Түш.-батыштан түн.-чыгышты карай Пскем, Чаткал кырка тоолору (бийик чокусу 4503 *м*) созулуп жатат. Климаты континенттик, январдын орточо темп-расы —10, —20°С июлдуку 20—30°С. Жылдык жаан-чачын өлчөмү 300—400 *мм*. А.-Б. р-нунун аймагынан Ала-Бука, Чаткал, Чанач ж-а Сай суулары агып өтөт. Топурагы: боз, күрөң, тоолуу талаа (Чаткал өрөөнү), шалбаалуу талаа ж-а тоолуу шалбаа. Өсүмдүктөрү: арча, кайың, карагай, терек, чычырканак, ит мурун, табылгы, чыны карагат ж. б. Жаныбарлары: тоо эчки, элик, карышкыр, түлкү, суур. Калкынын көбү—кыргыз; өзбек, тажик, орус, татар, украин, белорус, казак, немец, азербайжандар да бар. 1 *км*^{2} жерге 5 киши туура келет. А.-Б. р-нунда а. ч-сы ж-а тоо-кен ө. ж. өнүккөн. Сумсарда коргошун, цинк, Терек-Сайда сурьма казылып алынат да, алардын концентраты иштетилип чыгат. А. ч-на жарактуу 476,7 миң *га* аянттан (1970) айдоо жери 20,7 миң *га* ны түзөт. Калганы — жайыт, дың жер, чабынды. Айдоо аянтынын 62,2%не дан эгиндери, 6% не тамеки, 18% көп жылдык чөп, 6,8% не силостук жүгөрү айдалат. А. ч. өсүмдүктөрү негизинен түздөгү сугат жерлерге эгилет. А. ч-нын дүң продукциясынын 53% мал чарбасынан алынат. Райондо 1974-ж. 190,6 миң кой-эчки, 14,0 миң уй, 4,1 миң жылкы болгон. Токой чарбасы да өнүгүп жатат. Райондо 22 орто, 8 сегиз жылдык, 10 башталгыч мектеп, айылдык профтех. окуу жайы, 1 райондук, 16 кыштактык клуб, 30 китепкана, 8 киноустановка, 3 оорукана, 2 кургак учук диспансери, 20 медпункт ж-а райондук турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты иштейт. 1938—62-ж. «Колхоз турмушу» газетасы чыгарылчу, 1970-ж. апрелден баштап, райондук «Эмгек даңкы» аттуу газета чыгат. Тарыхый эстеликтери: Күлбөс-Кан шаарчасы (10—12-к.), Шах-Фазил (13-к.), Идирис пайгамбардын (Чаткал өрөөнүндө), Сафид-Буленд (Мазар кыштагына жакын) күмбөздөрү. Кооз жерлери Терек-Сай, Көк-Таш жайлоолору ж-а Чуңкурчак (7 көлү бар) ж. б.

АЛА-БУКА СУУСУ — Касан-Сай суусунун сол куймасы. Уз. 58 *км*, алабынын аянты 225 *км*^{2}. Чаткал тоосунун түш.-чыг. капталынан 4000—4300 *м* бийиктикте жаткан мөңгүдөн башталат. Көбүнчө кар, мөңгү (58%) сууларынан куралат. Жылдык орточо чыгымы 2,75 *м*^{3}*/сек*, эң көбү (май—июнда) 5,35—5,83 *м*^{3}*/сек*, эң азы (февр.) 1,28 *м*^{3}*/сек*. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Ала-Бука кыштагы жайгашкан.

АЛАВЕРДИ—шаар (1933-ж. чейин посёлок) Арм. ССРиндеги Туманян р-нун борбору. Дебед д-нын боюнда (Куранын алабы). Ленинакан — Тбилиси т. ж. тармагындагы станция. Калкы 213 миң (1970). Армениянын жез ө. ж-нын борбору. Жез, күкүрт кычкылы, суперфосфат чыгаруучу ири жез-хим. комбинаты иштейт. Жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. ишканалары, индустр.-технол. техникуму бар.

АЛАГҮҮ (columba palumbus) — көгүчкөндөр тукумундагы куш. Денесинин уз. 45 *см* ге жакын, салм. 600—700 *г*. Түсү көк, баш-моюну күрөң, көкүрөгү кызгылт. А. Европада, Азияда, Африкада, СССРде Украина, Крым, Кавказ, О. Азияда ж-а Кыргызстандын Тянь-Шань, Алай тоолорундагы карагайларда, өзөн боюндагы токойлордо уялайт. Экиден жумуртка тууйт. А. курт-кумурска, мөмө, дан жейт. Токойлор көп кыйылгандан А-нүн саны азайып кеткен, ошон үчүн А. коргоого алынды.

АЛАДУНГА (Montifringilla nivalis) — мукурлар тукумундагы, таранчылар түркүмүндөгү канаттуу. Денесинин уз. 18—19 *см*, тамагында чоң кара тагы бар, жон жагы бозомук күрөң, боору, канат ж-а куйрук чалгындарынын көп жери ак. Түш. Европанын, Азиянын тоолорунда, СССРде Кавказ ж-а О. Азияда, Кыргызстандын 2500 *м* бийиктиктеги тоолорунда жашайт. Аска таштардын коңулдарына, жарлардагы жаракаларга уя жасап, 4—6 ак жумуртка тууйт. А-лар курт-кумурскалар, майда омурткасыз жаныбарлар, кышында өсүмдүктөрдүн уруктары м-н азыктанат.

АЛАЗАНИ — ГССР м-н Азербайжан ССРинин аймагындагы дарыя; кээ бир жеринде эки респ-канын чек арасынан өтөт. Кура д-сынын Мингечаур суу сактагычына куят. Уз. 351 *км*, алабынын аянты 10800 *км*^{2}. Чоң Кавказдын түш. капталынан башталып, Кахети өрөөнү аркылуу өтөт. Кар, мөңгү сууларынан куралат. Орточо чыгымы 98 *м*^{3}*/сек*. Сугатка пайдаланылат.

АЛАЙ КАБАТТАРЫ — Алай, Фергана өрөөндөрүндө кеңири тараган *палеоген мезгилинин* чөкмө тоо тек катмарлары. 1947-ж. О. С. Вялов тарабынан өз алдынча *геологиялык кабат* болуп бөлүнүп, Алай өрөөнүнүн аты м-н аталган. Алар негизинен мергель, *аки таш теги, доломит*, гипс,

кызыл ж-а боз чопо, алевролит, кумдук ж-а конгломераттардан турат. А. к-да устрица, үлүл, кээде фораминифер сыяктуу организмдердин ташка айланган көптөгөн калдыктары кезигет. А. к-нын калыңд. Фергана өрөөнүндө 12—75 *м*, Алай өрөөнүндө 10—211 *м* ге жетет. Айрым жерлерги А. к-нда нефть кендери бар.

Ад.: Геология СССР, т. 25, кн. 1, М., 1972.

АЛАЙ КОЮНУН ПОРОДАЛЫК ТОБУ — эт, май, жүн алынуучу кой. Аны Кырг. ССРинин Ош обл-дагы Алай р-нунун «Чоң-Алай» с-зунда 1973-ж. Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария ил. из. ин-ту чыгарган.



Алай өрөөнүндөгү жерг. күйруктуу койлордун жүнүнүн сапатын жакшыртуу максатында тубар койлор прекос кочкорлорунa куудурулган. Алардын ар кандай мүүндагы ургаачы аргындарынын тобуна саража кочкору катышкан. Прекос аргындарынын арасынан чыккан күйруктуу ак кочкорлор м-н соолуктар куудурулуп, А. к. п. т. түзүлгөн. Бул кой Алай өрөөнүнүн татаал климат шартында кыштыр-жайдыр жайып багууга чыдамдуу. Кочкорлорунун орточо салм. 102—115 *кг*, айрымдары 145 *кг*, соолуктары 62—68 *кг*, мыктылары 85 *кг*. Ар 100 тубар кой 105—107 козу берет. Козулары жүнү оскүлөк, чоң туулуп, тез жетилет да, 4—4,5 айында салм. 31—37 *кг* га жетет. Жетилиши жагынан белгилүү гиссар ж-а тажик койлорунан калышпайт. Бул кой бир гана жолу кыркылат да, кочкорлорунан 5,2—8,1 *кг*, соолуктарынан 2,7—6,5 *кг* чала кылчык, жылтылдак ак жүн алынат. Таза жүндүн чыгышы 65—70%. Жүнүнүн 50—60% тыбыт, калганы кылчык, уз. 21—28 *см*, тыбытынын уз. 12—16 *см* ге жетет. Бул койлор Алай р-нунун «Чоң-Алай» с-зунда, Совет р-нунун Алай-Куу өрөөнүндө өстүрүлөт.

АЛАЙ КЫРКА ТООСУ — Алай-Түркстан тоо системасына кирүүчү Түш. Кыргызстандагы ири кырка тоо. Түштүгүнөн Алай өрөөнү, түндүгүнөн Фергана өрөөнүнүн адырлары, чыгышынан Кок-Суу тоосу ж-а Алай-Куу кырка тоосу, батышынан Матча тоо тоому (Түркстан кырка тоосу) м-н чектешет. Узундугу 480 *км* ден ашык. Басымдуу бийиктиги 3500—4000 *м*, эң бийик жери 5880 *м* (Алай чокусу). А. к. т. батышты карай бийиктейт (Айдарбек чокусу, 5126 *м*). Генет. тибн б-ча *горст-антиклинорий*. А. к. т-нун геол. түзүлүшүндө негизинен силур, девон, карбон ж-а пермь мезгилдеринде пайда болгон кумдук, конгломерат, аки таш теги, сланец, порфирит м-н туфтар сыяктуу тоо тектер бар. Аларды диорит, гранит ж-а сиенит интрузиялары жирен чыккан. Тоо аралык ойдундарда ж-а суу өрөөндөрүндө антропоген мезгилинин чөкмөлөрү жатат. А. к. т. герцин буктолүүсүнөн пайда болгон, кийин өзгөрүүлөргө учурап, тектоникалык жаракалар м-н тилкеленген. А. к. т-да сымап, сурьма, алтын, темир, боксит, калий, вольфрам, висмут, полиметалл, мышьяк, көмүр ж. б-лардын кендери бар. Алардын айрымдары өн. ж-лык маанине ээ. А. к. т-да өрөөндөр, капчыгайлар өтө көп. А. к. т-нун негизги өзгөчөлүгү: Фергана өрөөнүнө караган түн. капталдары узун (80—90 *км*) ж-а жантайыңкы келип, этектери адырларга айланып кетет. Ал эми Алай өрөөнүнө караган түш. капталдары кыска (4—15 *км*), тик аскалуу. Түн. жагы жарыш жаткан (3700—5180 *м* бийиктиктеги) тоолордон (Кичи-Алай, Коллектор, Курук-Сай-Кулдук, Ярунтуз, Сандал, Сангибалянд, Катран) ж-а аларды бөлүп турган өрөөндөрдөн (Кичи-Алай, Кожо-Ашкан, Зардалы, Лаглан, Папан, Ноокат, Тактех, Охна, Хайдаркен) турат. Байыркы муз доорунун белгилери (тоо үстүндөгү түздүктөр мореналар түрүндө) Ак-Буура, Талдык, Гүлчө суулардын алаптарында байкалат. Батышында мөңгү арбын, алардын ирилери: Ак-Төр, Киндик, Арча-Башы, Бакалах, Кульп ж. б. Климаты кескин континенттик, июлдун орточо темп-расы 10°Сден төмөн, январдыкы —20—25°С. Жылдык жаан-чачындын өлчөмү 400—500 *мм*. Ири суулары: Гүлчө, Ак-Буура, Кыргыз-Ата, Исфайрам-Сай, Абшыр-Сай ж. б. Түш. капталдарында кургак талаа (2900—3600 *м*), жарым чөл, талаа (3600—4600 *м* бийикте), шалбаалуу субальпы ж-а альпы (4600—4800 *м*), глянциялдык-нивалдык (4800 *м* ден жогору) түн. капталдарында токойлуу талаа (1500—3000 *м*), шалбаалуу субальпы ж-а альпы (3000—3900 *м*), глянциялдык-нивалдык (3900 *м* ден жогору) ландшафт алкактары жатат.

Ад.: Алиев З., Байгуттиев С. Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, 1972; Ильин И. А., Водные ресурсы Ферганской долины, Л., 1959; Сахарова О. Д., Ландшафты Алайской долины и её районирование для целей сельского хозяйства, Фр., 1973.

АЛАЙ ӨРӨӨНҮ — Кыргызстандын түштүгүндөгү бийик тоолуу өрөөн, жайлоо. Алай тоо тизмеги м-н Чоң-Алай (Заалай) кырка тоосунун ортосунда. Аянты 1712 *км²*, уз. 150 *км*, туурасы 25—40 *км*. Орточо бийикт. 3000 *м*, эң бийик жери чыгышында 3650 *м* (Тоң-Мурун бели), эң жапыз жери 2440 *м* (Катта-Карамык). Ортоңку бөлүгү түзөң, мында жазы каштаттар (Кызыл-Суу) ж-а байыркы морена чуңкурчактары кездешет. Бат. тарабын Алтын-Дара, Көк-Суу, Кызыл-Суу өзөндөрү ээлеп жаткандыктан, кокту-колоттуу ж-а адырлуу. Өрөөн аркылуу Кызыл-Суу агып өтөт. А. ө-ндө Каман (уз. 8,1 *км*), Ленин атн. (9,4 *км*), Кызыл-Суу (13,7 *км*), Нура (13,9 *км*) ж. б. жалпы аянты 1,5 миң *км²* ге жеткен мөңгүлөр бар. Чыг. жагында (3500 *м* бийиктикте) тоң жатат. Геол. түзүлүшүндө мезозой м-н кайнозой заманында пайда болгон кумдук, конгломерат, алевролит, филлит, гипс, аки таш тектери ж-а чополор бар. Өрөөндүн таманында ж-а тоо таянган эңкейиш түздүктөрүндө антропоген мезгилинин кум-шагылы м-н чополору кеңири таралган. А. ө-нүн азыркы тектоникалык структурасы — ассиметриялуу грабен-мегасиклиналь. Өрөөндүн пайдалуу кендеринен таш көмүр (Норуз-Кол ж. б.), курулуш материалдары жерг. керектөөлөрө кеңири колдонулууда. Суу өзөндөрүнөн алынган шлихтерде сымап, коргошун, калай минералдары ж-а алтын кездешет. Климаты кескин



Алай өрөөнү (борбордук бөлүгү).

континенттик. Чыг. тарабы суугурак. Жылдык орточо темп-ра чыгышында 3,7°С, июлдун орточо темп-расы 10°С, январдыкы — 13°С. Жаан-чачындын жылдык орточо өлчөмү 250—400 *мм*. Өрөөн күрөң ж-а боз топурактуу келип, негизинен ак кылкан, камгак, шимүүр, доңуз сырты, өлөң, шыбак, шыралжын д. у. с. өсөт. А. ө-нө жарым чөл (2400—3000 *м*), талаа (3000—3600 *м*), субальпы ж-а альпы (3500—4500 *м*), невал (4500—6500 *м*) ландшафт алкактары мүнөздүү. Жаныбарлары: суусар, суур, аркар, илбирс, карышкыр, улар, жырткыч куштар (жору, бүркүт), кескелдириктер, жылан ж. б. Өрөөндүн а. ч-сы үчүн маанини чоң. Анда жыл бою Ош облнын, Өзб. (281,0 миң *га*), Таж. (68,0 миң *га*) ССРлеринин малы жайлайт. Малды тоют м-н камсыз кылуу максатында 3,4 миң *га* айдоо аянты өздөштүрүлгөн; айдоого жарамдуу 55,4 миң *га* дың жери бар. Чоң чабыктар 1,2 миң *га* аянтты ээлейт. Малчыларды тейлөө үчүн маданий борбор ж-а медпункттар уюштурулган. А. ө-нө мал негизинен Ош — Памир жолу аркылуу айдалат. Өрөөндө Дараут-Коргон, Сары-Таш, Эргеш-Там ж. б. кыштактар жайгашкан. Дараут-Коргон кыштагында 18—19-к-га таандык чеп (сокмо дубал) коргондор, Алтын-Дарадагы мазарларда араб (16-к.) жазуулары бар.

Ад.: Корженевский Н. Л., Алайская долина, «Тр. Памирск. экспед. 1928 г.», вып. 3, Л., 1930; Сахарова О. Д., Алайская долина, Фр., 1959; ошонуку, Ландшафты Алайской долины и её районирование для целей сельского хозяйства, Фр., 1973.

АЛАЙ РАЙОНУ — Кырг. ССРинин Ош обл-нын составында 1928-ж. уюштурулган админ. район. Түндүгүнөн Алай кырка тоосу аркылуу Кара-Суу, Ноокат, Фрунзе р-ндору, батышынан ж-а түштүгүнөн Таж. ССРи (Тоолуу-Бадахшан АО), чыгышынан Совет р-ну ж-а КЭР м-н чектешет. Аянты 124,3 *км²*. Калкы 41,9 миң (1972). Борбору — Гүлчө кыштагы. Ош т. ж. станциясынан 83 *км* түш.-чыг. тарапта. Райондун 3 совхоз, 3 колхозунда 175 кыштактан турган 11 сельсовет бар. А. р-ну Гүлчө, Алай өрөөнү, ага жарыш жаткан Кичи-Алай (эң бийик чокусу Алай, 5880 *м*) ж-а Чоң-Алай (Ленин атн. чоку, 7134 *м*) кырка тоолорунун ортосунан орун алган. Райондун аянтынын $^2/_3$ бөлүгүн тоо ээлейт. Кырка тоолордун бийикт. 5200—7000 *м* ге чейин (Октябрь атн. чоку, 6780 *м*, Дзержинский атн. чоку, 6713 *м*). Бул тоолордо О. Азиядагы эң ири мөңгүлөр жатат. Райондун эң жапыз жери деңиз деңг. 1560 *м*. Түз жерлер негизинен Чоң-Алай өрөөнүндө. Кен байлыктарынан: таш көмүр Дараут-Коргон кыштагынын түн. тарабында, Кичи-Алай тоосунда сымап, вольфрам, туз кени, курулуш материалдары (чопо, кум, шагыл таш) бар, бирок запасынын аздыгына, трансп. шартынын ыңгайсыздыгына байланыштуу бул байлыктар пайдаланыла элек. Гүлчө кыштагынын жанындагы жылуу булактын дарылык каснети бар. Климаты континенттик. Июлдун орточо темп-расы өрөөндөрдө 20—25°С, тоолордо 10—15°С, январдыкы — 4—7°С, — 14°С. Жылдык жаан-чачын өлчөмү 400—600 *мм*. Мөңгүлөрү: Абрамов, Коржепевский, Корумду, Ленин атн. ж. б. Агын суулары нын ирилери: Кызыл-Суу, Көк-Суу, Гүлчө ж. б. Өсүмдүктөрү: бетеге, шыбак, буудайык, өлөң, тоолордо арча, карагай, бадалдар, суу бойлорунда шалбаа өсүмдүктөрү ж. б. Жаныбарлары: илбирс, аюу, аркар, тоо эчки, карышкыр, түлкү, каман, суур, кашкулак, суусар; канаттуулары: бүркүт, кекилик ж. б. кездешет. Калкынын көбү — кыргыз (95%); өзбек, орус ж. б. улутунан да бар. Орточо жышт. 1 *км²* ге 3,3 киши. А. р-нунда негизинен мал чарбасы өнүккөн. 1973-ж. райондо 0,4 млн кой-эчки, 24 миң уй-топоз, жылкы болгон. Көчүлүк жери (560 миң *га*) — жайыт. Анын жарымын Өзбекстан, Тажикстандын малчылары пайдаланышат. Өрөөндөрдүн бир аз бөлүгүндө дан эгин (21 миң *га*) ж-а тоют чөптөрү (13 миң *га*) эгилет. Бардык айдоо жери сугарылат. Райондун жерин өздөштүрүү максатында азыр Чоң-Алай өрөөнүндө МЖС уюштурулган. А. р-нда жол катнашуунун негизги түрү — автомоб. жолу. Райондун территориясынан өткөн союздук маанидеги Ош — Хорог жолу, жерг. маанини бар Сары-Таш — Дараут-Коргон — Карамык, Дараут-Коргон — Кызыл-Кыя жолдору өтөт. Булардан башка тоо капчыгайларында көч жолдору бар. А. р-нда 15 орто, 26 сегиз жылдык, 8 башталгыч мектеп, айылдык профтех. окуу жайы, 32 китепкана, 20 клуб, 4 оорукана, 4 поликлиника ж-а элдик турмуш-тиричилик жагынан тейлөөчү комбинаттын, соода ишканаларынын түйүндөрү бар. Айрым айылдарда суу жүргүч тармак курулган. 1966-ж-дан бери «Күкүрмөн эмгек» газетасы чыгат. Тарыхый эстеликтерден Дараут-Коргондогу Кербен сарайдын урандысы сакталып калган. Бул — жергиликтүү стилде курулган чеп.

АЛАЙ ЭЛДИК ТЕАТРЫ — Кыргызстандагы элдик театрлардын бири. Гүлчөнүн кыштак клубу 1946-ж. маданият үйүнө айланып, анда драмкружок уюштурулат да, К. Эшимбековдун «Кожокенин пиҥилиги» деген бир көшөгөлүү пьесасы коюлат. Кырг. ССР маданият мин-восунун коллегиясынын чечими б-ча (4. 6. 1960) Алай р-ндук маданият үйүнө «Алай элдик театры» деген наам берилет. Алгачкы режиссёру — М. Жакыпов, сүрөтчүсү — С. Тобоев. Театрга М. Тойбаевдин «Шектенүү» (1960), М. Жакыповдун «Ак Молмол» (1961) аттуу бир актылуу, кийин Р. Шүкүрбековдун «Жакшының шарапаты» (1964), К. Маликовдун «Айланган тоонун бүркүтү» (1966), К. Жантөшевдин «Каныбек» (1969) ж. б. көп актылуу драмалары коюлду. А. э. т-нда иштегендердин арасынан реси-калык кароолордун бир топ лауреаттары өсүп чыкты. Театрдын коллективи колхозчуларга ж-а алыскы жайыттардагы малчыларга оюн-зоок көрсөтүп, маданий жактан тейлеп турат.

АЛАЙ-КУУ КЫРКА ТООСУ Түш. Кыргызстанда, чыгышынан Фергана тоо тизмеги (Сөөк, Үйгөн-Баш ашуулары), батышынан Көк-Суунун алабы (Ой-Бала), түн.-батышынан Чакан-Таш тоосу, түндүгүнөн Алай-Куу өрөөнү, түштүгүнөн Кара-Чал тоосу м-н чектешет. Уз. 90 *км* ге жакын, туурасы 25—30 *км*, орточо бийикт. 3800—4000 *м*, эң бийик жери 4500 *м* (Кыздар тоосунда). Негизинен палеозойдун аки таш теги ж-а сланец тектеринен түзүлгөн, гранит да бар. Рельефи татаал, тоо тармактары тектоникалык жаракалар м-н бөлүнөт. Тармактары бат. тарабында узун (15—20 *км*), чыгышында кыска (5—10 *км*), капталдары жазы ж-а айдөөгө, алардын ирилери: Эркеч, Саба-Жарды, Туюк-Кайыңды, Көл-Кайыңды, Кыздар, Кемпирдин тоосу, Айры-Таш, Боор-Албас, Уч-Казык, Манастын ээри, Тоголок-Таш, Кызыл-Агын, Кара-Тума. Тоолордун Алай-Куу (Ой-Тал) өрөөнүнө караган этектери бор мезгилинде ж-а палеогенде пайда болгон кызылат кумдуктардан турган адырларга айланган. Тектоникалык түзүлүшү б-ча тоо — *горст-антиклиналь*. Байыркы муз каптоонун белгилери Кулун-Эмбес, Ийри-Суу, Жон, Жалгыз-Катын, Топ-Теке, Тешик, Сөөк, Саба-Жарды ж. б. тоолордон байкалат. Мөңгүлөрү анча чоң эмес (0,5—1,5 *км²*), ирилери: Эркеч, Ак-Эчки, Көл-Кайыңды, Кыздар, Жарык-Бел. Суулары: Алай-Куу, Саба-Жарды, Туюк-Кайыңды, Көл-Кайыңды, Кайыңды-Булак, Кашка-Суу, Уч-Казык, Ак-Богус ж. б. Климаты кескин континенттик, июлдун орточо темп-расы 15—20°С, январдыкы —5, —10°С, жылдык жаан-чачындын саны 400—600 *мм*. Ландшафттык алкактары (түн. капталдарында) чыгыштан батышка кенеет: талаа тулаңы (2300—2700 *м*), токойлуу шалбаа (2700—3100 *м*), токой (3000—3500 *м*), субальпы, альпы шалбаасы (3500—3900 *м*), гляциялдык-нивалдык (3900 *м* жогору).

АЛАЙ-КУУ ӨРӨӨНҮ Ош обл-нын Совет районунда, Фергана ж-а Алай-Куу кырка тоолорунун арасынан орун алган. Түндүгүнөн Кара-Кулжа өрөөнү, түштүгүнөн Алай-Куу кырка тоосу, чыгышынан КЭР, батышынан Гүлчө өрөөнү м-н чектешет. Аянты 1454,45 *км²*, уз. 78 *км*, туурасы 52 *км*. А.-К. ө. түш. тарабынан бийик тоолор (Ой-Кум, 4108 *м*; Сөөк, 4024 *м*; Туз-Ашуу, 3629 *м*; Саба-Жарды, 4690 *м*; Тар-Кол, 4516 *м*; Кыздар, 4255 *м*; Эркеч, 4456 *м*; Алда-Кул, 3986 *м*; Аюу-Тапан, 3991 *м*) м-н курчалган. Эң бийик жери — Мустак тоосу, 4697 *м*.

Тоолордун басымдуу бийик. 3200—3800 *м*. Негизинен бор ж-а юра мезгилдеринде пайда болгон тоо тектерден түзүлгөн. Жериниң бети тоолуу келип, түн.-батышты көздөй жантайыңкы. Борб. бөлүгү жайык келип, Терек, Чычырганак, Жаман-Тал, Көл-Кайыңды өндүрлөрү м-н тилмеленген. Климаты континенттик, пюлдун орточо темп-расы 15,7°С, январдыкы —17,9°С. Жаан-чачындын жылдык орточо өлчөмү 347 *мм*. Мөңгүлөрү (жалпы аянты 57,7 *км*²) көбүнчө Терек суусунун жогорку агымында, эң ириси — Кара-Кол (уз. 5,6 *км*). Суулары: Алай-Куу, Саба-Жарды, Үч-Казык, Көл-Кайыңды, Терек ж. б., булар мөңгү, кар ж-а булак сууларынан куралат. Кашка-Суу, Терек, Кулун өрөөндөрүндө минералдуу суулар бар. Көлдөрү: Чоң ж-а Кичи Кулун, Дардан-Көл, Көл-Кайыңды ж. б. Топурагы ж-а өсүмдүктөрү бийиктик тилке б-ча өзгөрөт. Негизинен күрөң топуракгуу. Тоолордун тескей беттеринде карагай, күңгөйүндө арча токойлору бар. Бадалдардан четин, шилби, табылгы, ит мурун, карагат, жылгын бар; чөп өсүмдүктөрүнөн бетеге, сулу чөп, шыбак, арпа чөп ж. б. өсөт. Айбанаттарга (аюу, түлкү, карышкыр, кашкулак, суур, коён, өрдөк, чулдук ж. б.) бай. А.-к. өлдө Кок-Арт, Кызыл-Жар, Ой-Тал кыштактары жайгашкан. Мында негизинен мал чарбачылык өнүккөн. Жаратылышынын кооздугунан А.-К. өлкөсү туристтик базаларды, пионер лагерлерин уюштурууга ыңгайлуу.

АЛАЙ-ТҮРКСТАН ТАБИЯТ ОБЛАСТЫ — Кырг. ССРинин түштүгүндөгү, Фергана өрөөнүн жандап, батыштан чыгышты көздөй созулуп жаткан тоолуу табигый регион. Алай-Ысар (Гиссар) тоо системасынын (Түш. Тянь-Шань) составына кирет. Аянты 36,5 миң *км*². Уз. 800 *км* (Кыргызстандын аймагында 610 *км* ге жакын). Бийикт. 600—6000 *м* ге чейин (чокулары: Тильбе 5800 *м*, Аскалуу 5621 *м*, Тамды-Көл 5540 *м* ж. б.). Негизинен Алай ж-а Түркстан кырка тоо тизмегин түзөт. Область герцин бүктөлүү зонасына кирет. Бийик кырка болгу палеозой заманындагы чөкмө ж-а метаморфизмделген тоо тек катмарларынан (сланец, акиташ тегн ж. б.) түзүлүп, гранит, диорит интрузиялары м-н жиреленип чыккан. Юра, бор, палеоген ж-а антропоген мезгилдеринин түрдүү тоо тектери А.-Т. т. о-нын жаныш тоолуу түн. бөлүгүн түзөт. Бул аймакта палеозойдун акиташ тектүү массивдери (Чил-Устун, Чил-Майрам, Кан-и-Гут ж. б.) карсткык процесстерге учуран, үңкүрлөрдү, кудуктарды ж. б. пайда кылган. Тоо тизмектери ассиметриялуу: түш. капталдары кыска (10—15 *км*) ж-а тигирээк, түн. беттери кеңири (50—100 *км*) ж-а тайпак. Ири тоо тизмектерине жараша кырка тоолор, массивдер, адырлар (Кичи-Алай, Катыран-Тоо, Бели-Сынык ж. б.) ж-а аларды бөлүп турган өрөөндөр (Папан, Ноокат, Хайдаркен, Рават ж. б.) жайгашкан. Негизги тизмектердин ж-а айрым тоолордун рельефи альпы тибине кирип, аска-зоокалуу чокуларын кар, мөңгү баскан. Областта 530дан ашык мөңгү бар, алардын жалпы аянты 720 *км*² чамасында. Климаты континенттик, субтропиктик; жайы жылуу, кышы мелүүн. Жылдык жаан-чачындын орточо өлчөмү төмөнтөн жогору карай (100—200 *мм* ден 400—600 *мм* ге чейин) көбөйөт, ошол эле багытта абанын темп-расы тескерисинче төмөндөйт. А.-Т. т. о-нда уз. 1 *км* ден ашкан 3739 суу (Фергана өрөөнүндөгү агын суулардын 57%) бар. Ири суулары: *Сох, Куршаб, Ак-Буура, Исфайрам, Исфара*. Агын сууларды көпчүлүгү Сыр-Дарыяга жетпей сугатка керектелет. Тоолорунда 76 майда көл ж-а суу сактагычтар бар. Ландшафттык өзгөчөлүктөрү жагынан А.-Т. т. о. 5 бийиктик алкакка бөлүнөт: 1) тоо этектериндеги жарым чөлдүү түздүктөр ж-а адырлар; 2) лёсстуу жапыз ж-а орто бийиктиктеги тоолордун субтропик талаасы; 3) бөксө тоолордогу арча ж-а сейрек токой, талаа ж-а шалбаалуу талаа; 4) бийик тоолуу шалбаалар тилкеси; 5) түбөлүк кар, мөңгү, аска-зоокалуу глящиалдык-нивалдык зона. Область түрдүү минералдык ресурстарга (сымап, сурьма, полиметалл, нефть, таш көмүр ж. б.) бай. Агын сууларда энергет. ж-а ирригациялык комплекстер курулууда. Өрөөндөрү дыйканчылыкка (пахта, тамеки, жибек, жемиш бактары, дан эгиндери ж. б.), тоолору мал чарбачылыгына пайдаланылат. Бул область — Кырг. ССРинин экономикасы өнүккөн маанилүү бөлүгү. Ири өлкө. ж-а маданий борборлору: Ош, Кызыл-Кыя, Сүлүктү ш-лары, к. *Алай кырка тоосу, Ош области, Түркстан кырка тоосу*.

Ад.: Алиев З., Байгуттиев С., Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, Фр., 1972; Природа Киргизии, Фр., 1962; Рельеф Киргизии, Фр., 1964; Ройченко Г. И., Земельные ресурсы Южной Киргизии и их использование, Фр., 1970; Чедия О. К., Юг Средней Азии в новейшую эпоху горообразования, Фр., 1971.

АЛАКАЕВКА — Куйбышев обл-ның Кинель р-нундагы кыштак. Куйбышев ш-ның 55 *км* түн.-чыгышында. 1889-ждын жайында Ульяновдордун үйбүлөсү Симбирскиден Самарага көчүп келип, А. жанындагы кичине хуторду сатып алган. Ульяновдор жай айларын үшул жерде өткөргөн. 1893-ж. күзүндө В. И. Ленин мындан Петербургга кеткен, Ульяновдордун калгандары А-дагы хуторун сатып, Москвага көчкөн. Булар турган үйдө В. И. Ленин атн. музей ж-а китепкана уюштурулган.

АЛА-КӨЛ — Каз. ССРинин Семипалатинск (Семей) ж-а Талды Коргон облатарынын аралыгында, Балкаш-Ала-Көл чуңкурдугунун чыгышында деңиз деңг. 343 *м* бийиктикте жарым чөл зонасынан орун алган туздуу, тунук көл. Аянты 2200 *км*², орточо тереңд. 22 *м*, уз. 104 *км*, туурасы 52 *км*. А.-К-дун деңгээлинин жылдык өзгөрүшү 1—2 *м* ге барабар. Көл январдан апрелге чейин тоңот. Суу жылдары Уялы, Сасык-Көл ж-а Ыланаач-Көл сыяктуу майда көлдөр А.-К-гө кошулуп, аймагы 55 миң *км*² ге жетет. А.-К-гө Эмөл суусу куят. Мурина ж-а сазан балыктары бар, кемжүрөт.

АЛАМҮДҮН — Чүй дарыясынын сол куймасы. Уз. 78 *км*, алабынын аянты 317 *км*². Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы Аламүдүн мөңгүсүнөн башталып, жогорку агымы кууш капчыгай аркылуу шар агат. Чүй өрөөнүнө чыкканда, нугу кеңейип, тайыздайт. Ири куймасы — Чуңкурчак (11 *км*). Мындан башка 33 майда куймасы ж-а алабында жалпы аянты 0,8 *км*² ге жеткен 12 майда көлү бар. Май айында кире баштайт, сентябрда тартылат. Жылдык орточо чыгымы 6,36 *м*³/*сек*, эң көбү 31,0 *м*³/*сек*, минимуму 0,74 *м*³/*сек*. Кар, мөңгү ж-а булактардан куралат. Тоодон чыга бергенде (Көк-Жар кыштагына жакын) Аламүдүн суу сактагычы курулган. Жээгинен Фрунзе ш., Көк-Жар, Таш-Мойнок, Беш-Күңгөй кыштактары орун алган.

АЛАМҮДҮН — Аламүдүн р-нун борбору, кыштак. Фрунзе ш-на туташ. Фрунзе т. ж. станциясынан 5 *км* ара-лыкта. Калкы 13 500 (1974). А-дө рензавод, байпак ф-касы, Аламүдүн ГЭСинин каскаддары, эки орто мектеп, клуб ж. б. ишканалар бар.

АЛАМҮДҮН — *Аламүдүн капчыгайынын* башындагы ашуу. Фрунзе ш-нан 55 *км* түш. тарапта. Бийикт. 4032 *м*. Жыл бою кар жатат. Ашуу июндун башында ачылып, Чүй өрөөнүнөн Суусамырга мал ашырылат. Сентябрда ашуу жабылат.

АЛАМҮДҮН КАПЧЫГАЙЫ — Кыргыз Ала-Тоосунун ортолук бөлүгүнүн түн. капталында. Уз. 50 *км*, бийикт. 1000—4000 *м*. А. к. кууш, өтө терең (800—1000 *м*). Капчыгайдын баш жагы үч айрыкка бөлүнөт, алар кошулуп, антропоген мезгилиндеги мүздук кеңейткен жайгыраак (1,5 *км* ге чейин) төрго өтөт. А. к. улам төмөндөгөн сайын куушурулуп, туурасы 25—50 *м* ге жетет. Капталдары жалтык, кээде тик (30—60°). Чуңкурчак өрөөнүндө алкымга айланат. Капчыгай аркылуу *Аламүдүн* суусу агат. А. к-нын баш жагына — шалбаалуу альпы ж-а субальпы, төмөнкү белгүнө бадалдуу шалбаа ландшафты мүнөздүү. Нарзан тибиндеги минералдуу булактар бар. Чүй өрөөнүнө чыга бериш жеринде Аламүдүн суу сактагычы бар. А. к. негизинен жайыт ж-а туристтик жай катары пайдаланылат.

АЛАМҮДҮН КАСКАДЫ — Фрунзе ш. ө. ж. районунун энергет. базасын кеңейтүү ж-а чыңоо максатында курулган гидроэлектр станциялар системасы. Каскад Чоң Чүй каналында-гы алты ГЭСтен турат: 1-Аламүдүн ГЭСинин курулушу 1943-ж. башталып, 1945-ж. аяктаган. Мунун кубаттуулугу 2,2 миң *квт*. Кубаттуулугу 2,5 миң *квт* 2-ГЭС 1949-ж. пайдалануурга берилген, 1950—53-ж-да 3-4-ГЭСтер (ар биринин кубаттуулугу 2,14 *квт*) ишке киргизилген. 1954—55-ж-да 5-6-ГЭСтин (ар биринин кубаттуулугу 6,4 миң *квт*) курулушу башталып, 1958-ж. ишке берилди. А. к-нын жалпы кубаттуулугу 21,78 миң *квт*. Азыр каскад толугу м-н автоматташтырылган, телевидение аппаратурасы аркылуу бардык ГЭС текшерилет. Фрунзе ТЭЦи, Лебединовка, Быстровка ГЭСтери м-н бирге А. к. бирдиктүү энергосистемасына бириктирилген. Каскад Түш. Казакстан энергосистемасы м-н да байланышта турат.

АЛАМҮДҮН МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — Чүй өрөөнүндөгү дарылануурга жарамдуу ысык суу булактары. Фрунзе ш-нан 30 *км* түш. тарапта, Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында, Аламүдүн сууснун боюнда, деңиз деңг. 1700 *м* бийиктикте жайгашкан. Суу ж-дө алгачкы ирет Н. М. Прокопенконун (1933), В. С. Григорьеванын (1938) эмгектеринде жазылган. Кийин көптөгөн изилдөөчүлөр (Р. П. Ромах, 1952; Н. И. Катаева, 1964; А. В. Белёв, 1971) геол. иштерди жүргүзүп, суунун физ.-хим. ж-а дарылык касиеттерин аныктаган.

Суу Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы чыгыштан батышты карай белгиленген арашан суулары чыгуучу зонада жатат. Палеозой доорунун башталышында пайда болгон граниттердин арасындагы тектон. жарака аркылуу жер бетине булак түрүндө чыгат. Булактардын дебити — 5—7 *л/сек*. Суу озунун хим. составы, физ. касиети б-ча аз минералдашкан (0,4—0,8 *г/л*), азоттуу (98%), гидрокарбонат-сульфат-кальций -натрийлүү терма сууларына кирет. Сууунун темп-расы 20°тан 30°ка чейин. Түссүз, жытсыз ж-а даамсыз, составында бир аз барий, стронций, марганец, молибден, висмут, вольфрам, жез бар. Суудагы биол. активдүү компоненттер: эркин түрүндөгү CO_2 (0,4—7 *мг/л*), H_2S (0,42 *мг/л*), радон (2,11—8,98 эман). Суунун дарылык касиеттеринин бири — анын составында кремний к-тасынын (30—50 *мг/л*) болушу. Ошондуктан ал, Хабаров крайындагы Кулдур ж-а Алтайдагы Белокурихин минералдуу сууларына окшош. Сууну кыймылдоо ж-а таяныч органдарынын, нерв системаларынын, аш казан ж-а гинекология ооруларын дарылоого колдонсо болот. Жол татаал болгондуктан, азырынча сууну жерг. эл гана пайдаланат, бирок анын келечектеги маанисн чоң. Анткени кийинки учурда (1971) А. В. Белёв өзүнүн изилдөөлөрүндө бургулоо көзөнөктөрүнүн жардамы м-н суунун дебитин 10 *л/сек* га көбөйтүүгө ж-а темп-расы 45—50° га жеткен кремний к-тасына өтө бай минералдуу сууну алууга боло тургандыгын аныктаган. Буга суунун Фрунзе ш-на жакын турушу да көмөк болот.

Ад.: Григорьева В. С., Ала-Медын-ские термы. в кн.: Термы и газы Тянь-Шаня, М.—Л., 1938; Катаева Н. И. и др. Подземные минеральные воды Киргизской ССР, Фр., 1969; Григоренко П. Г., Белёв А. В., Гидрогеологическое районирование и минеральные воды Центральной части Северного Тянь-Шаня, «Изв. АН Кирг. ССР», 1972, в. 2.

АЛАМҮДҮН РАЙОНУ — Кырг. ССРиндеги админ. район. 1940-ж. февралда уюшулуп, 1961-ж. Кант р-нуна кошулган. 1974-ж. 9-январда кайра өзүнчө район болду. Район Чүй өрөөнүнүн ортоңку бөлүгүнөн, Фрунзе ш-нын айланасынан орун алып, түндүгүнөн Каз. ССРи, түштүгүнөн Суусамыр өрөөнү, чыгышынан Кант р-ну, батышынан Сокулук р-ну м-н чектешет. Аянты 1456,7 км², калкы 102,1 миң (1974). Райондо 2 колхоз, 8 совхоз, 14 сельсовет бар. Борбору — Аламүдүн кыштагы. Жериниң көбү түзөң, түш. тарабында Кыргыз Ала-Тоосу (эң бийик чокусу Аламүдүн, 4875 *м*) жатат. Район деңиз. деңг. 700—4500 *м* бийиктикте. Кен байлыктарынан курулуш материалдары гана кездешет. Климаты континенттик, январдын орточо темп-расы —5, —15°С, июлдуку 22—25°С. Жылдык жаанчачын өлчөмү 500—600 *мм*. Тоолуу бөлүгүндө Голубин, Чоң-Ала-Арча, Кургак-Тор, Салык ж. б. мөңгүлөр жатат. Райондун аймагынан Аламүдүн, Ала-Арча суулары агып өтөт. Кыртышы негизинен боз, кара күрөң ж-а кара топурактуу. Райондун талаалуу бөлүгү бүт дээрлик айдоо аянтына айланган. Тоолорунда тоолуу талаа ж-а тоолуу шалбаа өсүмдүктөрү, арча ж-а бир аз карагай өсөт. Жаныбарлары: тоо эчки, аркар, элик, илбирс, карышкыр, түлкү, суур, кемирүүчүлөр ж. б. Калкынын көбү — кыргыз; орус ж. б. улуттун өкүлдөрү жашайт: 1 *км*² жерге 7 киши туура келет. А. р-нда өлкө. ж. ишканаларынан: ремзавод, Аламүдүн байпак ф-касы, Ала-Тоо ж-а Ленин атн. винсовхоз комбинаттары, Аламүдүн тери өлкө. ж. бирикмеси, Мамл. балык чарбасы, Трикотаж бирикмесинин № 3 филиалы, Аламүдүн ГЭСинин каскады бар (6 ГЭС). Жер фондусу 144 миң (1974), айдоо жери 35,3 миң, жемиш багы 5,1 миң, чабындысы 3,0 миң, жайыты 41,1 миң *га*. Айдоо аянтында сугат иштери кеңири пайдаланып (Жогорку Ала-Арча, Аламүдүн, Төмөнкү Ала-Арча суу сактагычтары, БЧК) дан эгиндери, кызылча, картошка, жашылча ж. б. өсүлет. 1974-ж-кы маалымат б-ча 5,9 миң уй, 23,2 миң кой-эчки, жылкы ж. б. болгон. Райондо элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат, 34 мектеп, айылдык профтех. окуу жайы, 38 клуб, 42 китепкана, 7 ооруканa, поликлиника, 6 аптека, Воронцовка кыштагында балдар санаторийи (сөөк-туберкулёз), Кыргызстандын 25 жылдыгы атн. эс алуу үйү, Чоң-Таш спорт базасы бар. Шоссе жолунун маанисн чоң. Райондун аймагынан Фрунзе — Рыбачье темир жолу өтөт.

АЛАМҮДҮН ЧОКУСУ — Кыргыз Ала-Тоосундагы эң бийик чоку. Бийикт. 4875 *м*. Ала-Арча м-н Аламүдүн капчыгайларынын баш жагын бөлүп турган Кыргыз Ала-Тоосунун түн.-батышты көздөй кеткен тармагынан орун алган. Тик капталдуу, үстү тайпак келип, дайыма кар, мөңгү каптап жатат.

АЛА-МЫШЫК КӨРҮСТӨНҮ — Нарын багытындагы археол. эстелик. Ала-Мышык тоосунун этегинде, Нарын ш-нан 6 *км* бат. таранта. Тянь-Шанда жашап өткөн байыркы көчмөн урууларга (сак, усун, түрк ж. б.) таандык. Көрүстөндүн мүрзөлөрү дөбөчөлөнүп (бийикт. 25—50 *см*) турат, төрт бурчтуу, топурак, шагыл, таш м-н толтурулган. Күн батыш баштантып, чалкасынан коюлган сөөктөрдүн жан-жактарынан жумуру түп карапа, темир, коло бычак, шуру мончок өндүү буюмдар табылган. Көрүстөн б. з. ч. 1—3-к-га тиешелүү.

АЛА-МЫШЫК ТООСУ — Ички Тянь-Шандагы Нарын кырка тоосунун бат. тарабы. Нарын м-н Ат-Башы өрөөндөрүнүн ортосунда. Уз. 35 *км*, туурасы 6—10 *км*, басымдуу бийикт. 3000—3300 *м*, эң бийик жери 3399 *м*. Ала-Мышык негизинен девон, карбон мезгилдеринин акиташ тегинен турат. Рельефи татаал: чыгышты көздөй ичкерип, Нарын кырка тоосуна бел баскак (Шаркыратма суусунун өрөөнү) аркылуу кошулат, борб. бөлүгү бийик, капталдары тик (60°), тектирлүү, коолуу; батышы ичкерип басаңдан (периклиналь), Жан-Булак кокгусунан баштап түздүккө «чөгүп» кетет. Тектоникалык түзүлүшү б-ча — *горст-антиклиналь*. Түн. беттеринде капчыгайларда карагай, бадал, түштүгүндө жарым чөлдүү, кургак талаа өсүмдүктөрү, чыгышында ж-а бийик бөлүктөрүндө субальпы тулаңы өсөт. Тоо беттеринде аска таштарда сүрөт-чиймелер, акиташ тектүү жерлеринде үңкүрлөр бар. Ала-Мышык жайлоо катары пайдаланылат. Анын эң бийик чокусуна ретрансляциялык теле көрсөтүү станциясы курулат.

АЛАНД АРАЛДАРЫ, Ахвенанма — Балтика деңизиндеги Ботния булуңунун түштүгүндөгү архипелаг. 6,5 миң майда аралдан турат. Финляндияга таандык. Аянты 1481 *км*². Калкы 22 миң (1968). Климаты мелүүн, салкын, январдын орточо темп-расы —4°С, июлдуку 15°С, жылдык жаан-чачын 550 *мм*. Админ. борбору — Мариенхамина ш. Жери токойлуу ж-а шалбаалуу. Балык уулоо, дан (кара буудай, арпа) ж-а мал чарбасы өнүккөн.

АЛАНД КОНГРЕССИ — 1700—21-ждагы *Түндүк согуш* мезгилинде Россия м-н Швециянын ортосунда тынчтык ж-дө сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн

конгресс. Сүйлөшүүлөр 1718—1719-ж-да Аланд архипелагында өткөн. Петр I орус аскерлери ээлеген Ингрияны, Карелияны, Лифляндияны (Рига м-н кошо), Эстляндияны (Ревель м-н кошо) ж-а Выборгду Россияга өткөзүүнү талап кылып, жеңип алыгган Финляндияны Швецияга кайтарууга макул болгон. Бирок бул маселе б-ча Франция м-н Англиянын мүдөөсү кайчы келгенден пайдаланып, шведдер орустардын талаптарына макул болбой коёт. Эки тарап келише албагандыктан, сүйлөшүүлөр токтотулган.

АЛАНДАР, и р о н д о р — иран тилинде сүйлөгөн көчмөн уруулар. Алар Түн. Каспий, Дон, Кавказга жакын жерде жашаган жарым көчмөн сармат элинен б. з. ч. 1-к-да бөлүнүп чыгышкан (рим ж-а византия маалыматтары б-ча). А. Азов боюна ж-а Кавказга жакын көчүп келишип, Крымга, Закавказьеге, К. Азияга, Мидияга жортуулдарды жасашкан. Мал чарбачылыгы А-дын негизги тиричилиги болгон. А. гуннидар тарабынан талкаланган кийин (372-ж.), алардын бир бөлүгү Гуннидар м-н Галлия, Испания аркылуу Түн. Африкага, экинчи бир бөлүгү Кавказ кырка тоолоруна тарап кетишкен. Азыркы иран тилинде сүйлөгөн осетиндер А-дын тукумдары болуп саналат.

АЛАСТОО — отко сыйынуудан чыккан ырым-жырым: от ар перседен тазартат, жин-шайтандан алыс кылат деген түшүнүккө таянып, эмчи-домчулар арчаны түтөтүп, ооруну эмдеген, ырымдаган, баланын бешигин, төшөнчү, кийимин ыштаган. Жыл ажырашта да айылдын ортосуна арча жагып, А. өткөрүшкөн. Айылдагылар бүт чогулуп, кийимдерин отко силкип, бири бирине «эски жыл кетти, жаңы жыл келди, айдан аман, жылдан эсен бололук, алас-алас ар балээден калас» деген жакшы тилекаалоолорун айтышкан. Мындай ырым-жырым О. Азия ж-а Иран элдеринде кеңири таралган. Азыр элдин маданий деңгээлинин өсүшүнө байланыштуу башка диний ырымдар сыяктуу эле А. да жоюлуп баратат.

АЛА-ТОО — жүзүм сорту. Жүзүмдүн катта-курган ж-а карабурну сортторун чаңдаштыруу жолу м-н Кыргызстан дыйканчылык ил. из. ин-тунун кызматкерлери чыгарган, 1962-ж-дан бери мамл. сыноодо. Түшүмдүү, гектарынан 300 *ц* ге чейин мөмө берет. Мөмөсүнүн канттуулугу 18,5%, кычкылдуулугу 3,8%. Шиңгилининн салм. 350—600 *г*. Мөмөсү даамдуу, жумшак, түсү саргыч, сулпу нык келип, жегиликтүү болот.

«АЛА-ТОО» БАСМАСЫ—Кыргызстандагы газета-журналдарды басып чыгаруучу мекеме. Ал адегенде Кырг. АССР ЭКСтин 1934-ж. 23-октябрдагы токтомунун негизинде «Кызыл Кыргызстан» басмасы болуп түзүлгөн, 1956-ж-дан «Советтик Кыргызстан», 1964-ж-дан «Ала-Тоо» басмасы деп аталат. Басма уюшулганынан бери «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия», «Дүн хошир», «Ленинчил жаш», «Комсомолец Киргизии», «Кыргызстан пионери» газеталары м-н «Ала-Тоо» ж. б. журналдарды чыгарып келген. 1972-ж. май айында «Кыргызстан КП БКнын басмасы» түзүлгөндүгүнө байланыштуу, «А.-Т.» б-сы «Мугалимдер газетасы», «Кыргызстан маданияты» жумалыгы, «Ала-Тоо», «Литературный Киргизстан», «Кыргызстандын айыл чарбасы», «Эл агарту», «Советское здравоохранение Киргизии», «Дең соолук» журналдарын чыгарып калды.

«АЛА-ТОО ЖАЗЫ» — Кыргызстанда өткөрүлүп келе жаткан музыкалык иск-вонун фестивалы. Ал 1-жолу 1966-ж. июнь айында өткөрүлгөн. Кийин ал салтка айланып, 1967—69—74-ж-да «Элдердин достугу» деген ураан м-н өттү. «А.-Т. ж.» фестивалы өлкөдөгү «Орус кышы», «Москванын жылдыздары», «Буурул түндөр», «Киевдеги жаз» аттуу кеңири белгилүү фестивалдар м-н бир катарда турат. Кыргызстандын эмгекчилери фестиваль күндөрүндө Мамл. академиялык симфониялык оркестр, Бүткүл союздук радио м-н Борб. теле көрсөтүүнүн симф. чоң оркестри, Ленинград ж-а Горький филармонияларынын симф. оркестрлери, М. Пятницкий атн. мамл. хор, ГССРдин, Дагестан АССРинин мамл. бий ансамблдери, Сибирь бийлеринин Красноярскидеги мамл. ансамбли сыяктуу чыгармачыл чоң коллективдердин өнөрүн көрүшкөн. Көрүнүктүү композиторлор: Т. Н. Хренников, В. П. Соловьёв-Седой; дирижёрлор — Е. Светланов, К. Иванов, Б. Хайкин, Ю. Темирканов, О. Дмитриади; аткаруучулар И. Архипова, А. Огнивцев, Ю. Мазурок, Р. Стручкова, В. Бовт, Г. Каспарян, Т. Куузик, Р. Жаманова, М. Сабирова, Т. Чебан, П. Серебряков, А. Бабакулов, М. Эсембаев, М. Магомаев, Б. Бенционов фестивалдарга катышкан. Алар Кыргызстандын эмгекчилерин м-н көп сандаган чыгармачылык жолугушуу өткөрүшкөн. 1966—74-жда да фестивалдарда 800 гө жакын концерт коюлуп, аны 800 миңден ашык адам көргөн. «А.-Т. ж.» фестивалы СССР элдеринин достугун чыңдоого, улуттук маданияттарды жакындаштырууга кызмат кылат. Фестивалдын активдүү катышуучулары Е. Светланов м-н М. Эсембаевге «Кыргыз ССР эл артисти», Р. Тихомировго «Кыргыз ССР искусствосуна эмгек сиңирген ишмер», Б. Бруновго ж-а Б. Бенционовго «Кыргыз ССР эмгек сиңирген артисти» деген ардактуу наамдар берилген. Бул фестиваль мындан ары да өткөрүлүп турат.

«АЛА-ТОО ЖАҢЫРЫГЫ» — кыргыз радиосунун а. ч. кызматкерлерине арналган радиопрограммасы. Ал 1963-ж-дан тартып эфирден жумасына 4 жолу, 1968-ж-дан баштап күнүнө 2 жолу 2 сааттан берилет. «А.-Т. ж-нын а. ч-сындагы илим м-н техниканы жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны а. ч. эмгекчилерине жайылтууда ролу зор.

«АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫ — айына чыгуучу адабий-көркөм, коомдук-саясий журнал. Кыргызстан жазуучулар союзу м-н маданият мин-восунун органы. Журнал адегенде (1931) «Чабуул» деген ат м-н чыгып, биринчи редактору А. Токомбаев болгон. 1933-ж-дан журнал «Кыргызстан кеңеш адабияты», 1935-ж. «Кыргыз совет адабияты», 1938-ж. «Ала-Тоо», 1939—42-ж-да «Советтик адабият жана искусство», 1942—56-ж-да «Советтик Кыргызстан» деп аталып, 1956-ж-дан тартып кайра «Ала-Тоо» деген ат м-н



чыга баштады. Тиражы 47000 (1976). Журнал кыргыз совет адабиятынын калыптанышына ж-а өнүгүшүнө зор көмөк берди. Кыргыз адабиятындагы бардык көрүнүктүү чыгармалар алгач прет ушул журналга жарыяланган. Ал өз окуучуларын орустун ж-а дүйнөлүк классиктердин чыгармалары м-н да тааныштырып турат. «А.-Т.» журналы кыргыз совет адабиятынын чечилбеген актуалдуу маселелерине арналган адабий сын макалаларын, а. ч-дагы, ө. ж-дагы өндүрүштүн алдыңкыларынын күжүрмөн эмгегин чагылдырган очерктерди, публицистиканы үзбөй жарыялап келе жатат. Журналда «Адабий сын», «Жаш калем», «Жаңы котормо», «Адабият таануу», «Достор үнү», «Бизди календарь» деген рубрикалардын алдында ар түркүн макалалар жарыяланат.

АЛА-ТОО УЮ — сүт-эт берчү уй. Тоо шартына көнүккөн, сүттүү-эттүү уй алуу максатында жерг. инектерди швиц ж-а кострома букалары м-н аргындаштырып, Кырг. ж-а Каз. ССРинин асыл тукум к-з, совхоздорунда чыгарылган. 1950-ж. порода болуп бекитилген. А.-т. уюнун оңу күрөң, деңеси чымыр, башы чоң, кең көкүрөк, өркөчү жаазы, соорусу жайык, орто желиндүү, эмчеги узун. Өркөчүнө чейинки бийикт. 129 *см*, тулку боюнун уз. 171 *см*, көкүрөк курчай өлчөмү 197 *см*. Салм. инегиники—500—550 *кг*, букасыныкы — 700—800 *кг*; жаңы туулган музоосу 37—42 *кг*, 18—20 айлык кунажыны — 380—420 *кг*. Саан уйдан 4000—5000, мыктыларынан 10 222 *кг* сүт алынат. Сүттүн майлуулугу 3,8—3,9% кай бири 5%). Эти даамдуу. Ноопастар жайытта багылганда, күнүнө 800—1000 *г* салмак кошот. А-т. ую Кырг. ССРинин Ильич ж-а Стрельникова атн. асыл тукум уй з-дунда, Каз. ССРинин «Алматы» ж-а Ленин атн. асыл тукум уй с-здорунда өстүрүлөт. Уйларды асылдандыруу ж-а колдон уруктандыруу б-ча Кырг. респ-калык ж-а «Алматы» станциялары уюштурулган. Бул порода түзүлгөндөн бери, Кыргызстандын чарбаларында 55 миңге жакын А.-т. ую өстүрүлүп, анын ичинен 9,6 миңи өлкөбүздүн чарбаларына, 2368 башы Монголияга, Корея Эл Респ-касына ж. б. чет мамл-терге сатылды. 1970-ж-дагы маалыматка караганда Кыргызстанда 356200, Казакстанда 500 миң, Өзбекстанда 35 миң, Тажикстанда 16 миң, Түркмөнстанда 12 миң А.-т. ую болгон. Бул уйду Кыргызстандын бардык р-ндорунда (Киров



ж-а Талас р-ндорунан башка) өстүрүү пландаштырылган. Азыркы кезде респ-кадагы бардык уйдун 98% ушул породага кирет. А.-т. ую көбүнчө (58,4%) Ысык-Көл ж-а Чүй өрөөндөрүндө асыралат. Бул породаны чыгаргандыгы үчүн А. С. Всяких, Н. И. Захарьев, П. Т. Щелоков, Г. Н. Чашкин, Ф. А. Стрельникова, И. Бектембаев, П. И. Мельников, Ч. Алтыкеев СССР Мамл. сыйлыгын алууга татыктуу болушкан.

Ад.: Всяких А. С., Пак Д. Н., Алатауская порода крупного рогатого скота, М., 1954.

АЛАЧЫК — Кочмөнчүлүктө баш калкалаган өтө жупуну турак жай. А-тын: чоң алачык, жанма алачык, буума алачык, сайма алачык деген түрлөрү бар. Түндүккө сайылган кереге сыз ууктардын үстүнө эле үзүк жаба салынганды жанма А. дейт. Сайма алачык эң алгачкысы болуп саналат. Аны уукка окшогон бир нече узун талкчаларды жерге сайып, баштарын жип м-н бириктирип түндүккө тешик калтыра байлап, үстүнө кийиз (кыргыз, казак ж. б. элдер), айбандардын терилерин (памирдик кыргыздар), кайындын кабыктарын (алтайлыктар) жабышкан. Бир нече жыгачтардын учун буун, анын үстүн кийиз, тери ж. б-лар м-н жапса буума алачык, чөп м-н жапса чөп алачык аталат. А. негизинен көчмөн элдин кул-күңдөрүнүн, кедей-кембагалдарынын турак жайы болгон. Рев-ядан кийин А. негизинен тарыхтын эчнисине өттү.

«АЛАШ» ПАРТИЯСЫ — Казакстанда, Кыргызстанда болгон контррев-чыл, бурж. улутчул уюм (1917—20). Байлардын, манаптардын ж-а жаңыдан калыптанып келе жаткан казак буржуазиясынын таламдарын жактаган. Кадет партиясынын Казакстандагы тобу катары 1905-ж. пайда болду. 1912-ж. мартта Кыргызстандын Пишпек уездинде жерг. бурж-чыл улутчулдардан либералдык мусулман тобу уюштурулуп, ага болочоктогу «алаш» ж-а эсер уюмдарынын жетекчилери А. Серкибаев, Н. Тулин ж. б-лар кирген. 1917-ж. 19-апрелде Верныйда (Алматы) казак улутчулдарынын демилгеси м-н «Кыргыз съезди» («Казак съезди») чакырылып, ага Кыргызстандын түн. уезддеринен да делегаттар катышкан. Съезд Убактылуу өкмөттүн импер. согушту «жеңишке чейин» улантуу саясатын колдогон. 1917-ж. жайында Кыргызстандын шаарларында, айрым кыштактарында да улутчул бурж-чыл уюм (Пишпекте — «Алаш») түзүлгөн. 21—26-июнда (3—8-авг.) Оренбургда өткөн «Бүткүл кыргыз» («Бүткүл казак») съездинде «А.» п. уюшулуп, өзүнүн жетекчи органдарын шайлады. Анын программасы *панисламизм* идеясын жарыялады, казак ж-а кыргыз элин рев-чыл Россиядан, орус пролетариатынан ажыратып кетүүнү көздөдү. 5—13—(18—26)-декабрда «Алаш Ордо өкмөтү» курулуп, куралдуу отряддары түзүлдү. Алар ак гвардиячылар м-н бирдикте Совет бийлигине каршы согушту. «А.» п. Орол, Торгой, Семей, Жети-Суу облтарында бөлүмдөрүн түзүп, контррев-чыл «Кокон автономиясы» ж-а башкырт улутчулдары м-н тыгыз байланышта болду. 1918-ж. апрелде Жети-Суу ревкому «А.» п-нын обл., уездик уюмдарын жоюуга токтом чыгарды. Пишпектеги «Алаш» уюму бул токтомго баш ийбестен, аны «законсуз» деп, Пишпек советинин аткомуна кайрылды. Уюмду «Кыргыз революциячыл совети» деп атап, ага жамынуу м-н өзүнүн контррев-чыл иштерин уланта берген. 20-июлда Элдик депутаттар совети «Кыргыз революциячыл советин» жоюу ж-де токтом кабыл алды. «А.» п-сын эмгекчилер колдобогондуктан, ал толук ойрон болду.

Ад.: Очерки истории Компартии Казахстана, А.-А., 1963; Кыргызстан компартиясынын тарыхынын очерктери, Фр., 1967; Семенков В. Н., Борьба большевиков Киргизии за власть Советов, Фр., 1962; Зима А. Г., Победа Октябрьской революции в Киргизии, Фр., 1966.

АЛАШ СЫМАП КЕНИ — Ош обл-дагы сымап рудасы чыгуучу жер. Жалал-Абад ш-нан 150 *км* аралыкта. 1954-ж. Кырг. ССР геол. башкармасынын геол. издөө партиясы (В. М. Рожанец ж. б.) тарабынан ачылган. Кендин аймагында девон мезгилинде пайда болгон түрдүү калыңдыктагы аки таш теги жатат. Аки таш тегинин арасынан тектоникалык жаракалар өтөт. Сымап рудасы ошол жаракалардын кесилишкен жериндеги зоналарда жайгашкан. Руда киновардан турган ж-а чар тарапка кеткен ичке (1 *см* ге чейин) тарамчалардан ж-а өтө майда бүртүкчөлөрдөн түзүлүп, бардык жерде бирдей өлчөмдө тараган эмес. Ал батыштан чыгышты карай азая берет. Кендин уз. 470 *м*, мында калың. 40 *см* деп 1,5 *м* ге чейин жеткен линзага окшош 4 руда түйүнү табылган. Сымап алынуучу негизги минерал — киноварь. Андан башка куприт, азурит, малахит кездешет. Руда герцин металлогениялык доордо гидротермалык жол м-н пайда болгон. Кенде геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүле элек.

АЛАШАН—Ош обл-ның Ноокат р-нундагы Кызыл Октябрь сельсоветине карштуу кыштак. Көк-Жар өрөөнүндө жайгашкан. «Көк-Жар» с-зунун аймагында, райондун борбору Эски-Ноокаттан 25 *км*. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 28 *км*. Калкы 725 (1971).

АЛАШАНЬ — Борб. Азиядагы чөл. Түн. Кытайда. Чыгышынан Алашань (Хэаланьшань) кырка тоосу ж-а Хуанхэ д-сы, батышынан Жошуй (Эдзин-Гол) суусу, түндүгүнөн Наньшань тайпак тоолору, түштүгүнөн Гоби тектоникалык депрессиясы м-н чектешет. Аянты 1 млн. *км*² ге жакын. Бийикт. түн.-батышында 820 *м*, түштүгүндө 1660 *м*. Салыштт. бийикт. 180—200 *м* ден ашпаган кырка деңсөөлөр (Баян-Ула, Хара-Ула ж. б.) ж-а байыркы гнейс, гранулит, амфиболит, кварцит тоо тектеринен турат. Жай айларында муссондук жамгырдан кыралган убактылуу агуучу сууларга бай. Ири суулары: Жошуй, Шуйхэ. Ири көлдөрү: Сого-Нур, Шара-Бурду. Жери таштак келип, өсүмдүктөрү сейрек. Кумдуу, бархандуу жерлерде чекенди, алтыгана, шыбак; жер алдындагы суулар кыртышка жакын жаткан жерлерде камыш, чий ж. б. өсөт. Жаныбарлары: бөкөн, коён, сары чычкан, таш бака, кескелдирик ж. б. Кээде жапайы эшек (кианги) учурайт.

АЛБАН ТИЛИ — негизинен Албан Эл Респ-касында жашаган албандардын тили. А. т-де 3 млн-го жакын адам

сүйлөйт. Индоевропа тилдеринин тобуна кирет. Болжол м-н палеобалкан тилдеринин биреөнөн (мүмкүн, иллирий тилинен) өнүккөн болуу керек. Жазуу эстеликтеринин эң эскилери 15-к-га таандык. Негизги диалектилери: гег (түн.) ж-а тоск (түш.). 19-к-дын аягында түзүлгөн азыркы албан адабий тилинде диалектилик айырмачылыктар сакталган. Адабий тили көбүнчө тоск диалектисинин негизинде түзүлгөн. Жазуу системасы латын алфавитинде. Граммат. түзүлүшү — флективдүү. А. т-де аналит. түзүлүш басымдуулук кылат. Лексикасында роман, славян, жаңы грек ж-а түрк тилдеринен кирген сөздөр көп.

АЛБАНДАР (өздөрүн ш к и п т а р деп аташат) — Албаниянын негизги калкы. Албаниядагы А-дын саны 2330 миң (1973), млн-го жакыны Югославияда, бир канча миңи Грецияда, 100—150 миңи Италияда, Турцияда, Болгарияда, Румынияда, 5 миңи СССРде жашайт. 71% мусулмандар, 19% православие ж-а 10% католик дининде. А-дын келип чыгышы ж-дө ар кыл пикирлер бар. Кээ бир окумуштуулар А. иллириялыктардан келип чыккан дешсе, айрымдары фракиялыктардан дешет. Б. з. ч. 2- ж-а 4-к-дагы Римдин Иллириядагы үстөмдүгү А-дын тили м-н мад-тында кээ бир таасирин калтырган. 15-к-дын аягынан 1912-жылга чейинки түрктөрдүн үстөмдүгү Албаниянын тарыхый өнүгүшүнө тоскоол кылган. Албанияда түрктөрдүн үстөмдүгүнө каршы күрөштө, айрыкча 19-к-дын ортосунда капит. мамилелер пайда боло баштаган кезде улуттук биригүү, өз алдынчалык үчүн күрөш курчуган. 1944-ж. Алб. элдик рев-ясынын жеңиши ж-а социализмди курууга өтүшү улуттук биригүүгө шарт түздү.

АЛБАНИЯ, Албания Эл Республикасы

Жалпы маалымат. А.— Балкан ж. а-нын бат. бөлүгүндөгү Адрия ж-а Иония деңиздеринин жээгиндеги мамлекет. Түндүгүнөн ж-а чыгышынан Югославия, түш.-чыгышынан Греция м-н чектешет. Аянты 28,7 миң *км²*. Калкы 2,3 млн (1973). Борбору — Тирана (калкы 200 миңге жакын). Админ. жактан терр-ясы 26 р-нго бөлүнөт.



Мамлекеттик түзүлүшү. Албания — соц. мамлекет, элдик респ-ка. Анын азыркы конституциясы 1946-ж. 14-мартта (жаңы редакциясы — 1950-ж. 4-июлда) кабыл алынган. Мамл. жогорку бийлик органы—Элдик чогулуш; аны жалпы түз, тең шайлоо укугу негизинде, жашырын добуш берүү м-н 8 миң адамдан 1 депутат 4 жылдык мөөнөткө шайланат. 18 жашка толгон бардык граждандар шайлоо ж-а шайлануу укугунан пайдаланышат. Мамл. бийликтин жерг. органдары — селолордун, локалиттердин, шаарлардын ж-а райондордун 3 жылдык мөөнөткө калк шайлай турган элдик советтери; алардын аткаруучу ж-а тескөөчү органдары — аткаруу комитеттери.

Албаниянын сот системасына: Албаниянын Жог. соту, райондук соттору, шаардык, селолук, шаардын райондук соттору ж-а аскердик трибуналдары кирет.

Табияты. Адрия деңизинин жээктери жапыз келип, булуңдары кургактыкка анчалык терең кирген эмес. Адрия деңизинин жээктерин бойлой кеңд. 40—45 *км* келген адырлуу ойдуңдар созулуп жатат, бул ойдуңдар түштүгүнөн, чыгышынан, түндүгүнөн альпы катталыш тоо кыркалары ж-а Түн. Албан, Альпы, Томори, Кораби массивдери м-н курчалган. Климаты жер ортолук деңиздик, субтропиктик. Түздүктөрдө жайкысын аба ырайы абдан ысык, кургак; кышкысын — жумшак, нымдуу (январдын орт. темп-расы 8—9°С). Тоолордо бир кыйла салкын ж-а нымдуу. Жылдык жаан-чачыны 1000 *мм*. Суулары тоолордон башталып, кууш терең капчыгайлар аркылуу агып түшөт. А-нын аймагында Шкодер, Охрид ж-а Преспа көлдөрүнүн жарым-жартылай бөлүгү жатат. Жери токойлуу, бадалдуу ж-а шалбаалуу келип, өсүмдүк ж-а топурагына карай 3 алкакка бөлүнөт: 1) төмөнкү, дайыма көгөрүп туруучу бадалдар алкагы (300—600 *м* бийиктикке чейин); 2) токойлуу ж-а күрөң топурактуу алкак (2000 *м* ге чейин); 3) альпы-шалбаа алкагы (2000 *м* ден жогору).

Калкы. Калкынын көбү — албандар (96%тен ашыгы). Мамл. тили — албан тили. Динге ишенген калкынын $^3/_4$ бөлүгүнө жакыны — мусулмандар, калгандары — католиктер м-н православный. Калкынын табигый өсүшү абдан жогору (1000 кишиге 25—30). Калкынын $^1/_3$ бөлүгүнө жакыны шаарда жашайт. Маанилүү шаарлары: Тирана, Дурес, Шкодер, Влёра ж. б.

Тарыхый очерки. А-нын терр-ясында адам ортоңку палеолитте эле жашай баштаганы белгилүү. Б. з. ч. 7—3-к-да гректер А-да бир катар колонияларды негиздеген. Б. з. ч. 4—к-да иллириялык урууулардын алгачкы мамлекеттери түзүлө баштаган. Б. з. ч. 2-к-да азыркы А-нын терр-ясын Рим каратып алган. Рим империясы кыйраган кезде (4—5-к.), А. Византияга караган. 6-к-дын аягынан тартып А-ны славян уруулары мекендейт. 8-к-да А-да феод. мамилелер түзүлө баштаган. А. 9-к-дын ортосунан 11-к-дын башына чейин биринчи Болгар падышалыгына караган. 11-к-да Шкумбин өзөнүнүн жогору жагында көз каранды эмес Арванон обл. түзүлгөн болуу керек. Бул биринчи көз каранды эмес А. мамлекетинин уюткусу болду. Ал Арберий принципаты деп аталган (12-к-дын аягы). 13-к-дын 2-жарымында Арберий принципаты ж-а А-нын башка бөлүгү Эпир падышачылыгынын составына кирген. 14-к-да бүткүл А-ны Серб королу Стефан Душан басып алган. 15-к-дын башында А-га түрктөр басып кирет. 1443-жылдан тартып албан элинин күрөшүнө *Скандербег* (Георгий Кастриоти) жетекчилик кылат, анын кол башчылыгы астында 25 жыл бою түрк аскерлеринин жортуулдарына ийгиликтүү каршылык көрсөтүлөт. 1479-ж. түрктөр А-нын бүткүл терр-ясын дээрлик ээлеп алышат. Түрктөрдүн өзүүсү А-нын экон., саясий ж-а маданий жактан өнүгүшүнө абдан оор таасир тийгизет. Дыйкандар казнага ж-а феодалдарга оор алым-салыктарды төлөп турган. Түрктөрдүн кысымы астында ислам дини тарала баштаган. 19-к-дын соңку чейрегинде улуттук-бошт. кыймылына албан эмигранттары түзгөн улуттук коомдор жетекчилик кылышкан, бул коомдордун иш-аракеттери маданий-агартуучулук мүнөздө болуп, эл массасынын кеңири колдоосуна ээ болгон. 1905—07-ж. Россияда болгон рев-яга, жаш *түрктөр революциясына (1908)* байланыштуу бул кыймыл өзгөчө кулач жайган. Түрктөрдүн үстөмдүгүнө каршы нааразылык көрсөтүү кыймылы куралдуу көтөрүлүшкө (1910—12) айланып, Турция 1-Балкан согушунда жеңилгенден кийин, 1912-ж. А. көз каранды эмес мамлекет деп жарыяланылат, бирок улуу мамлекеттердин контролуна өтөт. 1-дүйн. согуш учурунда (1914—18) А. согуш аракеттеринин майданына айланат ж-а согуштун аягында аны итал., сербиялык ж-а грециялык аскерлери басып алат. Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасири астында А-нын көз каранды эместиги ж-а демократиялуулугу үчүн жүргүзүлгөн күрөш куралдуу күрөшкө өтүп, баскынчылар куул чыгарылат. 1920-ж. январда албандыктардын улуттук конгресси А-нын көз каранды эместигин жарыялады. Тирана өлкөнүн борбору болот. Бат-бат алмашылып турган өкмөт маанилүү экон. ж-а саясий реформаларды жүргүзгөн эмес. Эл массаларынын нааразылыгы күчөп, 1924-ж. Июнь рев-ясы чыккан. Бийликке Ф. Нолинин өкмөтү келип, ал бурж.-демокр. кайра түзүүлөрдүн программасын коёт ж-а СССР м-н дипл. мамиле түзөт. 1924-ж. декабрда А. Зогу башында болгон феод. клика чет мамлекеттердин аскерий ж-а материалдык жардамына таянып, Ф. Нолинин өкмөтүн кулатат да, аскердик диктатура режимин орнотуу м-н А-ны фаш. Италиянын агрардык-сырьёлук колонтондусуна айландырууга көмөк көрсөтөт. 1939-ж. 7-апрелде Италия А-ны басып алат. 12-апрелде А. Италияга карап, итал. король А-нын да королу деп жарыяланат. Фаш. баскынчыларга каршы улуттук-бошт. күрөшү башталат. 1941-ж. ноябрда түзүлгөн *Албаниянын коммунисттик партиясы* (АКП) бул күрөштүн уюштуруучусу болот. АКПнын демилгеси б-ча 1942-ж. Пезеде А-нын Улуттук-бошт. фронту түзүлөт. 1943-жылдан тартып регулярдуу Улуттук-бошт. армиясын түзүү башталат. Италия капитуляцияланган соң (1943) А-ны гитлердик Германия басып алат. Сов. Армиянын жеңиштеринен ж-а албан элинин улуттук-бошт. күрөшүнүн жогорулашынан улам Балкандагы согуш кырдаалы өзгөрөт. 1944-ж. 17-ноябрда А-нын Улуттук-бошт. армиясы Тиранаңы, 29-ноябрда А-ны биротоло бошотот. Фаш. баскынчылардан бошотулган соң, өлкөдө агрардык реформа жүргүзүлөт, чет өлкөлүктөрдүн менчиктери ж-а банктар мамлекеттештирилет, ө. ж. ишканалары мамл. контроль коюлат. 1947-жылдын башында ө. ж-дагы жекелик сектор жоюлат. А. 1946-ж. 11-январда Албания Эл Республикасы болуп жарыяланат. СССР м-н башка соц. өлкөлөрдүн ар тараптуу жардамына таянып, А. өнүккөн капит. стадиясын аттап өтүп социализм курууга киришет. 60-жылдардын башында улуттук ө. ж-дын базасы түзүлүп, а. ч-нын деңгээли ж-а эффективдүүлүгү жогорулайт, кооперативдик ж-а мамл. а. ч. ишканалары негизги роль ойной баштайт. 1949-ж. февралда А. Экон. өз ара жардамдашуу советине (СЭВ) кабыл алынат. 1955-ж. майда *Варшава договоруна* кол коёт, ошол эле жылы декабрда ООНго кабыл алынат. 1960-жылдан кийин албандык жетекчилер Сов. Союзу ж. б. соц. өлкөлөр м-н болгон мамилелерди кескин түрдө начарлатуу жолуна түшүшөт. 1961-ж. декабрда сов. посольствонун ж-а соода өкүлдүгүнүн персоналы А-дан чакыртылып алынат, о. эле А-нын посольствосу м-н соода өкүлдүгүнүн персоналы да Сов. Союзунан чакыртылып кетет. 1962-жылдан бери Албания СЭВдин ишине катышканын аныгына келгенде токтотот. 1968-ж. сентябрда албандык жетекчилер Варшава договору уюмунан өз бетинче чыгып кеткенин билдирет, алар бул уюмга чындыгында 1961-ж-дан бери катышпайт.



Каштан токою.



Тирана шаары.

Саясий партиялары, профсоюздары жана башка коомдук уюмдары. Албаниянын Эмгек партиясы (АЭП) 1941-ж. 8-ноябрда негизделген (1948-жылга чейин — Албаниянын Коммунисттик партиясы). 1973-ж. анын 95 миңдей мүчөсү ж-а мүчөлүгүнө кандидаты болгон. Албаниянын демокр. фронту 1942-ж. сентябрда түзүлгөн (1945-жылдын августуна чейин—улуттук-бошт. фронт), Албаниянын профсоюздарынын жалпы бирикмеси 1945-ж. октябрда негизделген. 550 миңден ашык мүчөсү бар (1973). Ал ПБДФге кирет. Албаниянын эмгекчи жаштар союзу — Коммунисттик жаштар союзун (1941-ж. негизделген) ж-а Элдик жаштар союзун (1943-ж. негизделген) бириктирүүнүн натыйжасында 1949-ж. февралда түзүлгөн. 300 миңден ашык мүчөсү бар (1973). Албандык аялдар союзу 1943-ж. негизделген, Аялдардын эл аралык демократиялык федерациясына кирет.

Экономика-географиялык очерки. Элдик-демокр. рев-я жеңгенден кийин, өлкөнү итал.-герм. фаш. оккупациядан куткарып (1944), Сов. Союзунун ж-а башка соц. өлкөлөрдүн жардамы м-н чарбаны (1944—46) тез калыбына келтиргенден кийин, А. соц. өнүгүүнүн жолуна түшөт. 1960-ж. ө. ж. продукциясын чыгаруу 1938-жылга салыштырганда 25 эсе, ал эми а. ч. продукциясын чыгаруу 1,7 эсе көбөйгөн. Албаниядагы соц. курулуштун ийгиликтери анын Сов. Союзу ж. б. соц. өлкөлөр м-н кызматташуусуна тыгыз байланышкан. Бирок, 1962-жылдан бери Албания иш жүзүндө СЭВдин ишине катышуудан четтеп кеткен; СССР м-н болгон экон. байланышын токтоткон. Улуттук доходдун түзүлүшүндө ө. ж. м-н а. ч-нын үлүшү бирдей (болжол м-н $^2/_5$) десе болот. Ө. ж. структурасында тамак-аш ж-а кездеме токуу тармактарынын үлүшү жогору. Соц. курулуштун жылдары ичинде жеңил, тоо-кен, нефтини кайра иштөө ж-а жыгачтан буюм жасоо ө. ж. өнүккөн. Металлургия, машина жасоо ж-а химия ө. ж. (көбүнчө минералдык жер семирткичтердин өндүрүшүн) түзүү б-ча алгачкы кадамдар жасалды. Ө. ж-дын негизги бөлүгү Тирана, Дуррес, Шкодер, Влёра, Корча ж-а Эльбасан ш-ларында топтолгон. Отун-энергетика ө. ж. нефтини ж-а гидроэнергет. ресурстарды пайдаланат. Мати, Бистрица, Дрина ж. б. өзөндөрдө ГЭСтер курулган. Нефть промысели (1,5 млн. *т* га жакын нефть чыгарылат) Семани өзөнүнүн алабында; битум казылып алынат. Хромиттерди өндүрүү б-ча Албания Европада 1-орунду ээлейт (СССРди кошпогондо). Эльбасанда кара металлургия з-ду курулган. А. ч. шаймандарынын, авто-трактордук запас бөлүктөрүн чыгаруучу ишканалары бар. Жыгачтан буюм жасоо ө. ж. өлкөнүн түндүгүндөгү ж-а борборундагы карагай даярдоочу р-ндордо. Тиранада ж-а Бератта — кездеме токуу комбинаттары, Фиеристе, Рогожинде пахта тазалоочу з-ддор бар. Булгаарыдан бут кийим жасоочу ишканалар курулган. Тамак-аш ө. ж. тармактарынан: тамеки, кант, олива (зайтун) майы, балык ж-а жемиш-консерва, вино жасоо өнүккөн.

Өлкөнүн а. ч-да эмгекке жарактуу калктын жарымынан көбү иштейт. Эгин эгиле турган жерлердин бардыгы мамл. чарбалар м-н өндүрүштүк кооперативдерге тиешелүү. А. ч-нын дүң продукциясынын $^2/_3$ бөлүгүнөн көбүрөөгү дыйканчылыктын үлүшүнө туура келет. Дан эгиндери (жүгөрү, буудай) басымдуу; тех. (тамеки, кант кызылчасы), жашылча ж-а тоют өсүмдүктөрү айдалат. Мөмө бактары ж-а жүзүм өстүрүлөт. Мал чарбачылыгында кой-эчки арбын багылат.

Транспортунун негизги түрү — автомобиль. 1947-ж. Дуррес портун Тирана ж-а Эльбасан м-н байланыштырган биринчи т. ж. курулган. Негизги деңиз порттору: Дуррес, Влёра. Экспортто тоо-кен ө. ж-нын продукциясы (ошонун ичинде хром ж-а темир-никель рудалары, жез, нефть ж-а табигый битум) биринчи орунда турат, о. эле а. ч. сырьёлору м-н полуфабрикаттар (тамеки, тери-жүн), жаңы бышкан ж-а консерваланган жемиштер м-н жашылчалар, карагай материалдары чыгарылат. Сырттан машиналар м-н жасалгалар, прокат, трансп. каражаттары, медикаменттер, химикаттар, кеңири керектелүүчү товарлар алынып келет. 1960-жылга чейин тышкы соода жүгүртүүсүнүн теңинен көбү Сов. Союзуна туура келген. 1961-жылдан кийин соода-сатыгы Кытай м-н күчөтүлдү, европ. капит. өлкөлөр м-н да товар жүгүртүүсү көбөйдү. Акча бирдиги — лек. СССР мамл. банкынын курсу б-ча (1974-ж. апр.) албандык 100 лек 18 сомго барабар.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. 1969-ж. А-да ар миң адамга эсептегенде, төрөлгөндөр 35,3, өлгөндөр 7,5, табигый өсүш 27,8, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 86,8ди түзгөн (1965), адамдын орт. өмүрү 66,1 жаш (1966) болгон. Инфекциялык патология басымдуулук кылат. Элдик-демокр. рев-я жеңгенге чейин безгек, туберкулёз ж-а ичеги-карын оорулары көп таралган. 1958-жылдан тартып безгек оорусун жоюу программасы иш жүзүнө ашырылып, полиомиелит (балдардын шал оорусу), дифтерия, о. эле ич келте, туберкулёз ж. б. жугуштуу ооруларга каршы күрөш жүргүзүлүп жатат. 1969-ж. А-да 13,4 миң койкалуу (1000 адамга 6,4 койка) 215 дарылоо мекемеси болгон; 1968-ж. 1255 врач (1607 адамга 1 врач) иштеген. Врачтарды Тирана ун-тинин мед. ф-тети даярдайт. 1969-ж. саламаттыкты сактоонун ассигнованиеси 239 млн лекти, б. а. жалпы мамл. бюджеттин 5,3%ин түзгөн. А-нын терр-ясында Албан Ривьерасы, Дуррес, Уйет-э-Фтохта, Поградец, Лиджа деген курорттор бар.

Элге билим берүү, маданий-агартуу жана илимий мекемелери. Элдик-демокр. түзүлүш орногонго чейин элдин 85—90% сабатсыз болгон. Фаш. оккупанттардан (1944) бошотулгандан кийин, сабатсыздыкты жоюу ийгиликтүү жүргүзүлдү. Милдеттүү түрдө 8 жылдык билим алуу киргизилди. Элге билим берүү (1969) системасына: балдар бакчалары, 4 жылдык баштооч, 8 жылдык толук эмес, орто ж-а 12 жылдык орто мектептер кирет. 1969-ж. мектепке чейинки мекемелерде 40 миңден ашык бала тарбиялан-

Берат шаары.



ган. 1969—70-окуу жылында баштооч мектептерде 506,7 миң, орто мектептерде 22,4 миң бала окуган. Профтех. билимди профтех. мектептер м-н техникумдардан алышат. 1969—70-окуу жылында профтех. окуу жайларында 36,5 миң окуучу окуган, Жог. окуу жайларынан Тирана мамл. ун-ти, 2 мугалимдер ин-ту, а. ч., зоотехния ин-ту бар. 1969—70-окуу жылында вуздарда 23 миңдэн ашык студент окуган.

А-да элдик-демокр. бийлик орногондон кийин ачылган биринчи ил. мекеме — Илимдер ин-ту (1947). Ал тил, ад-т; тарых, социол. ж-а экон.; табият илими бөлүмдөрүнөн турат. 1957-ж. пед., политех., экон., мед., укук ин-ттары ж-а Илим ин-тунун ордуна Тирана мамл. ун-ти уюштурулду. Ал окутуунун ж-а илимдердин борборуна айланды. Тармактык ил. из. ин-ттары ж-а мекемелери тийиштүү мин-волорго берилген. А-да ил. из. жумуштарын өнүктүрүүдө СССР ж-а соц. мамлекеттерден чоң жардам болду. Бирок 1961—63-жылдан баштап албан илимпоздору Европа соц. өлкөлөрүнүн илимпоздору м-н өз ара кызматташуусун токтотту.

Басма сөз, радио уктуруу, теле көрсөтүү. 1972-ж. А-да тиражы 59,1 млн нускада 22 газета, тиражы 4,6 млн нуска 43 журнал чыгарылган. Негизги газеталары: «Зери и популлит» («Элдин үнү», 1942) — Албания Эмгек партиясынын (АЭП) БК органы; «Башкими» («Биримдик», 1943) — А. демокр. фронтунун Генсоветинин органы; «Зери и ринисё» («Жаштардын үнү», 1952) — А. эмгекчи жаштар союзунун органы; «Пуна» («Эмгек», 1945) — А. профсоюздарынын Борб. Советинин органы. Журналдары: «Руга э партисе» («Партиялык жол», 1954) — АЭП БКнын теориялык органы; «Проблеме экономике» («Экономикалык проблемалар») — Албан Эл Респ-касынын Экономика изилдөө институн органы; А-нын телеграф агентствосу (АТА) 1944-ж. негизделген. Мамл. «Албан радио уктуруу ж-а теле көрсөтүү» уюму бар. Уктуруулар албан ж-а чет тилдерде берилет. Теле көрсөтүү 1960-жылдан бери иштейт.

Адабияты жана искусствосу. А. элдик оозеки чыг-лыкка бай, өзгөчө анда баатырлар тууралу дастандар, тарыхый ырлар көп. Епископ Паль Энгелинин «Чокундуруу формуласы» (1462) алгачкы албан жазуу эстеликтерине кирет. 1555-ж. Гьон Бузукунун «Мэшари» деген китеби, 16—17-к. гуманисттер: П. Буди, Ф. Барде, П. Богдани, М. Барлетинин чыг-лары жарык көргөн. 19-к-дагы жазуучулардан: И Де Рада, Г. Дара, З. Серембе, А. Сантори; фольклористерден Т. Митко ж-а С. Дине; публицист С. Фрашери; акын В. Шкодрани (П. Васа) ж. б. белгилүү. А-нын жаңы ад-тына негиз салуучулардын бири Н. Фрашери болгон. 20-к-дын көрүнүктүү реалист-акындары: А. Чаюпи, Асдрени (А. Сидренова), Ф. Широка, Л. Гуракучи, Р. Силичи; прозаиктер: М. Грамено, Ф. Постоли, Х. Стермили ж. б. чыккан. 2-дүйн. согуштун мезгилинде А-да боштондукка чыгуу идеясын чагылдырган партизан поэзиясы күчөгөн. Алардын ичинен Ш. Мусараинин «Балы, Комбетар эпопеясы» (1944) көрүнүктүү орунду ээлейт. Оккупациядан кутулгандан кийин, А. адтында фашизмге каршы элдик күрөш тууралу чыг-лар (Ф. Гьятынын «Партизан Бенко жөнүндө ыр» поэмасы, 1950; Д. Шутеричинин «Боштондукка чыгаруучу» романы, 1952—55) жарык көрөт. Ошол эле мезгилде турмушту кайра курууга байланыштуу социалдык багыттагы чыг-лар пайда болуп, 50—60-жылдардын аягында автобиогр. повесть, романдар жазыла баштады.

А-нын аймагында таш чептер ж-а илириялыктардын колодоп жасалган кооз буюмдары, байыркы гректердин (Аполлония, Бутринт) ж-а римдиктердин (Эльбасан) коргондору м-н тосулган турак жайлары, мозаика түшүрүлгөн имараттары ж. б-дын калдыктары сакталып калган. О. кылымда византия архитектурасынын ж-а роман стилиндеги чиркөөлөр курулган; византиялык типтеги фрескалар 16-к-дан тартып итал. *Кайра жаралуу* доорунун таасиринде өнүгөт. 17-к-дан тартып шаарларда дворец, мечит, үстү жабык базарлар салына баштайт. 19-к-дын 1-жарымында портреттик ж-а пейзаждык живопись пайда болот (С. Дзега, С. Рота). 20-к-да шаарлар ж-а посёлоктор курулуп, живопись, скульптура ж-а графика жанрлары өнүгөт. Эл иск-восунда күмүш зергерчилиги, жыгачка түшүрүлгөн кооз оймо-чиймелер ж-а килем жасоо айрыкча өнүккөн.

Албаниянын элдик музыкасы өлкөнүн айрым р-ндоруна мүнөздүү болгон стилдик ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Ыр-күүлөрү, кылдуу, үйлөмө аспаптардын, скрипка, кларнет ж-а чоордун коштоосу м-н үч обонго салып аткарылат. Профессионал муз. мад-ты 1944-жылдан тартып өнүгө баштаган. 1947-ж. Тиранада ачылган И. Мисья атн. көркөм лицейдин муз. бөлүмү бар. Тиранада 1950-жылдан филармония, 1956-жылдан Мамл. опера ж-а балет театры (балет мектеби м-н бирге), 1944-жылдан тартып Элдик армиянын хору иштейт. К. Кононун «Таң» опереттасы ж-а «Борова баатыры» деген вокалдык-симф. поэмасы, Д. Лекинин албан элдик темасында жазган увертюрасы, К. Траконун ораториясы, Ч. Задеянын 1-симфониясы А-нын профессионал музыкасынын биринчи чыг-ларынан. 1968-ж. Тиранада П. Якованын «Скандербег» операсы коюлган. А-да биринчи театр оюндарын Тесторат посёлогундагы театр кружолар м-н улуттук кайра жаралуунун ишмерлери (19-к-дын 2-жарымы) С. Фрашери, М. Громено, А. Чаюпи ж. б. улуттук драматургияны түзүүдө чоң роль ойногон. Алардын пьесалары А-нын азыркы кездеги театрларынын репертуарында да коюлуп келе жатат. Албаниянын улуттук көз каранды эместиги жарыялангандан кийин, ышкыбоздордун театр кыймылы кеңири таралган. 1944-ж. биринчи профессионал театр — Тиранада элдик театр ачылган. Бул театр классикалык драматургияны — Шекспирдин, Шиллердин, Мольердин ж. б-дын чыгарынын койгон. 60-жылдары театрлардын репертуарына А-нын улутчул ж-а кытай пьесалары киргизилет. Профессионал театрлар Шкодер (1949), Корч (1950), Дуррес (1953) ш-ларында түзүлгөн. А-да кинематография, А. Эл Респ-касы жарыялангандан кийин, пайда болду. 1952-ж. (Тиранада) «Жаңы Албания» киностудиясы курулган. Албан ж-а сов. кинематографисттердин «Албаниянын улуу жоокери Скандербег» фильмин тартуу ж-дегү





биргелешкен эмгеги (1954, реж. С. И. Юткевич) А-дагы көркөм кинематогр. тармагындагы алгачкы кадам болгон.

Ад.: Арш Г. Л., Сенкевич И. Г., Смирнова Н. Д., Краткая история Албании, М., 1965; Валев Э. Б., Албания, М., 1960; Экономика стран социализма, 1967, М., 1968; Серкова Т. Ф., Поэзия итальянских арберешей и проблемы албанского романтизма. Сообщение на 1 конгрессе балканских исследователей, М., 1966; Юткевич С. И., Искусство Народной Албании, М., 1958.

АЛБАНИЯ (Кавказдагы) — Чыг. Закавказьедеги (Каспий деңизинин жээгинде) байыркы мамлекеттердин бири; калкы ар түрдүү уруудан, анын ичинде албандардан да турган. Археол. казуулардын, античный авторлордун ж-а армян летописчилеринин маалыматтары б-ча, А-нын калкы б. з. ч. 1-миң жылдыктын аягында жер айдап, жайытта мал багып, кол өнөрчүлүк м-н кесип кылган, ал жерде алгачкы кул ээлөөчүлүк мамлекет түзүлгөн. Б. з. ч. 1-к-да А-нын али байыркы римдиктердин Закавказьеге жортуулуна каршы күрөшкөн. Б. з. ч. 3—5-к-да бул жерде феод. мамилелердин чындалышы христианчылыктын мамл. дин болуп калышын тездетет. Б. з. 5-к-да А. *Сасанийлер династиясына (224—651)* каршы көтөрүлүшкө активдүү катышкан. 6-к-да Сасанийлер албан падышаларынын мамлекетин жоюп салышкан, бирок А. 7-к-да кайрадан көз каранды эместикке жетишкен. Ошол кезде албан жазмасы өнүгүп, «Агван тарыхы» жазылган. 8-к-да Халифат А-нын калкынын көбүнө ислам динин кабыл алдырат. Кийинчерээк А. жеринин арбын бөлүгү азербайжандардын феод. мамлекеттеринин (Ширвана ж. б.) карамагына өтөт. Азыркы азербайжандардын айрым бөлүгү байыркы А. калкынын тукумдарынан.

АЛБАНИЯ-ИТАЛИЯ ДОГОВОРЛОРУ ЖАНА КЕЛИШИМДЕРИ (1920, 1926, 1927, 1936). 1-договорго 1920-ж. 2-августа Тиранада кол коюлган. 1914-ж. декабрдан тартып оккупацияланган Влёрадан итал. аскерлерди чыгаруу ж-а 1914-ж. октябрда Италия басып алган Сазани а-ын башкаруу укуктарынан Албаниянын баш тартуусу каралган. 2-договор 1926-ж. 27-ноябрда Тиранада 5 жылдык мөөнөткө түзүлгөн. Бул пакт б-ча Албания башка өлкөлөр м-н «Италиянын кызыкчылыгына зыян келтире турган» эч кандай союздарды түзбөөгө милдеттенип, өз алдынча саясат жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырады, Италия Албаниянын ички иштерине кийлигишүү укугун алды. 3-договор 1927-ж. 22-ноябрда Тиранада 20 жылдык мөөнөткө түзүлгөн. Ал б-ча Италия Албаниянын куралдуу күчтөрүнө контролдукту ж-а Албан армиясынын бардык звенолорунда, мин-волорунда итал. кеңешчилерди, инструкторлорду дайындоо укугун алган. Бул договор Албаниянын faш. Италияга көз карандылыгын ого бетер күчөттү. Келишимге 1936-ж. 19-мартта Тиранада кол коюлган. Италия Албанияда армия карман турууга, жаңы карыздарды (Албания Франция м-н) берип, анын мамл. аппараттарындагы, армиясындагы чет өлкөлүк бардык советниктерди, инструкторлорду италиялыктар м-н алмаштыруу шартын койду. Албаниядагы нефть кендерин пайдалануу, терр-ясына согуштук чыдоолорду курууга, италия экспортуна чектөөнүн коюлбашына жетишти. Албан элинин улуттук кызыкчылыгына башкаруучу чөйрөлөрүнүн мындай чыкынчылыгы чындыгында 1939-ж. faш. Италиянын Албанияны басып алышына алып келген. Бул договорлор ж-а келишимдер 1944-ж. Албаниянын антифаш. улуттук-боштондукка чыгаруу советинин чечими м-н жокко чыгарылган.

АЛБАНИЯНЫН ЭМГЕК ПАРТИЯСЫ [АЭП; 1948-жылга чейин — Албаниянын Коммунисттик партиясы (АКП)] — 1941-ж. 8-ноябрда Тиранада негизделген. АКПнин жетекчилиги астында 1942-ж. сентябрда Албаниянын Демокр. фронту (1945-ж. августка чейин — Улуттук-боштондукка чыгаруу фронту) түзүлгөн. Сов. Союзу faш. коалициняны талкалагандан кийин, 1944-ж. өлкө баскынчылардан толук бошотулду. АЭПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын өкүлдөрүнүн Москвада болгон кеңешмелерине (1957, 1960) катышып, алардын документтерине кол койгон. Бирок АЭПнин жетекчилери 1960-жылдан кийин марксизм-ленинизмдин принциптерине каршы улутчулдук ж-а ревизионисттик жолго түшүшүп, өздөрүнүн интерн. милдеттерин орундоодон баш тартты, эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу кыймылына чыккынчылык кылып, ырк бузуучулук жолуна түшүштү. АЭПнин жог. органы — съезд. 1973-ж. маалымат б-ча, АЭПнин 95 миңдей мүчөсү ж-а кандидаты бар. АЭПнин органы — «Зери и популлит» газетасы ж-а «Руга э партисе» журналы.

АЛБАРСТЫ — диндик демонологиялык түшүнүктөгү жин-шайтандын аял кейпинде элестетилген образы. Бул диний түшүнүк кыргыз, казак ж. б. элдерде кеңири тараган. Адам уктап жатканда, жүрөк кагышынын начарлап, деми кыстыгып кыйналган, же төрттө каны көп кетип алсыраган аялдын оор абалын диндик адамдар А-нын басышы м-н байланыштырышкан. Мындай түшүнүктөр адамдын организминде болуучу физиол. кубулуштардын закон ченемдүүлүктөрүн билбестиктен келип чыккан.

«АЛГА» — газета, Кырг-н КП Лейлек райкомунун ж-а Эмгекчилер депутаттарынын райсоветинин органы. 1947—61-ж. «Колхоз турмушу» ж-а 1962-жылдан «Алга» деген ат м-н чыгат. 1966-жылдын январынан жумасына 3 жолу чыгат, тиражы 5610 (1974).

АЛГА — Ош обл-нын Өзгөн р-ндагы Кызыл Октябрь сельсоветине карагтуу кыштак. Түш. Кырг-н тажрыйба станциясынын аймагында. Р-ндун борбору Өзгөндөн 23 *км* түш. бат. тараптa, Кара-Суу т. ж. станциясынан 34 *км*. Калкы 784 (1970). Сегиз жылдык мектеп бар.

АЛГА — Ош обл-нын Фрунзе р-ндагы «Алга» сельсоветине карагтуу кыштак. Катырак тоосунун этегинде. 22-партсъезд атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Фрунзенскийден 30 *км* түш. тараптa. Ванновск т. ж. станциясынан 25 *км*. Калкы 4604 (1974). Орто мектеп, ооруканa, клуб, китепкана бар.

АЛГА ЖЫЛУУ КЫЙМЫЛЫ — катуу персенин ар кандай эки чекитин туташтыруучу түз сызыктын дайыма өзүнө-өзү жарыш которулушу. А. ж. к-дагы персенин бардык чекиттери бирдей траекторияларды сызып, убакыттын ар кандай моментинде сандык маанилери, багыттары бирдей ылдамдыкка ж-а ылдамдануура ээ болот. Катуу перселерде А. ж. к. анын кандайдыр бир чекитинин кыймылы аркылуу мүнөздөлөт.

«АЛГА» СПОРТ КООМУ — респ-кабыздагы жумушчу жаштарды өз катарына бириктирип турган профсоюздардын ыктыярдуу спорт коому. Коом 1958-ж. уюшулган. Анын 4 физ-ралык коллективине «Спорттук клуб» деген наам берилген, Фрунзе атн. а. ч. машиналары куруу з-дунун коллективи бул наамга өлкөбүздө 1-болуп жетишип, № 1 күбөлүк алган. Коомдон өткөн мезгилде СССР спортунун 191 мастери, 3617 спорттун мастерлигине кандидат ж-а биринчи разрядчы, 82 миңден ашык массалык разряддагы спортсмен даярдалган. «А.» с. к-да спорттун 26 түрү б-ча секциялар иштеп, 70 миңге жакын коомдук инструктор машыгуу өткөрөт. Коомдун мүчөсү А. Абушахметов фехтование б-ча уландар арасында дүйнөдө 2-орунду ээледи (1971). Л. Дунаев, Ю. Пикуло өлкөнүн биринчиликтеринде байге алды (1973). Спорттун беш түрү ж-а фехтование б-ча «А.» с. к-нун курама командалары өлкөдө эң күчтүүлөрдөн болуп эсептелет, спорттун таланттуу мастерлерин даярдагандыгы үчүн коомдун 6 тренерине «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген тренери» деген наам берилди. Азыр инженер-техник кызматкерлер, 57 миңге жакын жумушчу — коомдун мүчөлөрү.

АЛГА-БАС — Ош обл-нын Кара-Суу р-ндагы Кашкар-Кыштак сельсоветине карагтуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Кара-Суу т. ж. станциясынан 71 *км* түш.-чыг. тараптa. Калкы 848 (1970). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

АЛГАЧКЫ АДАМДАРДЫН ТОБУ — адепки общиналык коомдун башталышындагы адамдардын биринчи коллективи. А. а. т. төменкү ж-а ортоңку палеолитте жашап, питекантроп, синантроп ж-а неандерталь адамдары пайда болгон доорго туура келет. Анда адам баласынын айбандар дүйнөсүнөн толук бөлүнүп чыгышы, азыркы адамдардын биол. түзүлүшүнүн калыптанышы иш жүзүнө ашат. Алгачкы адамдар таштан, жыгачтан, кийинчерээк сөөктөн курал жасоого өтүшөт. Аңчылык кылышып, үңкүрлөрдө жашашат. А. а. т. мезгилинде адамдардын ортосунда 1-жолу бирге эмгектенүү ж-а чогуу тамактануу ыктары пайда болот. Акырындык м-н ар бир А. а. т. өзүнчө коллективге айланып, алардын ичиндеги баш аламан никесиз мамилелерге тыюу салынып, алгачкы общиналык формациянын башталышы болгон уруу пайда болот.

АЛГАЧКЫ ГАЗ — катуу отундарды төменкү темп-рада (500—550°С) кургак буулантуудан пайда болгон газ. Баштапкы сырьёлорго ж-а чала кокстоо шартына жараша А. г-дын чыгышы ар түрдүү. Аны составында 50% метан, 20% суутек, 8%ке чейин каныкпаган углеводород болот. Нормалдуу шартта 1 *т* кургак отундан 80—100 $м^3$ А. г. алынат. А. г. күйгөп-

до, жог. темп-ра чыгаргандыктан, ал башка газдарга кошуу үчүн колдонулат.

АЛГАЧКЫ КАРА МАЙ, алгачкы чайыр — катуу отундарды кургак буулантуудан (500—550°Сде) алынуучу ар түрдүү плээшкектиктеги чайыр. Ал жог. темп-рада (900—1100°С) алынуучу чайырлардан «алгачкы» деп аталышы м-н айырмаланат. А. к. м-дын хим. составы, физ. касиети отундун түрүнө, иштетүү жолдоруна жараша болот. А. к. м-дын составына: *парафин,* олефин, пафтен, *карбон кислоталары, фенолдор,* орг. негиздер ж. б. кирет. А. к. м-дан *антисептиктер,* мазут, суюк отундар, резолдук чайырлар, кир кетирүүчү заттар, курулуш *битумдары,* лактар, уу химикаттар ж. б. алынат.

АЛГАЧКЫ КООМДОГУ ИСКУССТВО — адамзат тарыхынын байыркы учурунда таандык иск-во. Ал б. з. ч. 40—30 мицинчи жылдарында алгачкы таш доорундагы (палеолит) адамдардын коомдук эмгегинин өсүп-өнүгүшүнүн натыйжасында пайда болгон. Палеолит иск-восу бизге Испания, Нио, Фонде-Гом, Ляско ж. б. жерлерде жашаган адамдардын Альтамира үңкүрлөрүнүн боорундагы таштардын бетине тарткан сүрөттөрү аркылуу белгилүү. Палеолит иск-восунун мезгилинде жаныбарлардын тулкусун сүрөткө түшүрүү кеңири орун алган. Бул сүрөттөр ошол кезде жашаган адамдардын негизги кесиби аңчылык экендигин далилдейт.

АЛГАЧКЫ ОБЩИНАЛЫК ТҮЗҮЛҮШ (общиналык-уруулук, алгачкы коммунисттик түзүлүш) — адамзат тарыхындагы алгачкы социалдык-экон. формация. Өндүрүш куралы общиналык менчикте болушу, таптардын жоктугу ж-а продуктылардын теңдештирип бөлүштүрүлүшү А. о. т-түн негизи болуп саналат. Маркстик илимде жалпы кабыл алынган түшүнүк б-ча, киши ж-а адамзат коому келип чыккандан таптардын ортосундагы мамилелер калыпташканга чейинки доорду кучагына алат; археол. жагынан негизинен палеолит, мезолит, неолит дооролорун камтыйт. А. о. т-түн өзүнөн кийинки таптуу формацилардан айырмасы: анда өндүрүчү күчтөр өтө мажес өнүгүп, өндүрүштө ж-а керектөөдө коллективизм негизги мааниге ээ болгон. Биргелешип эмгектенүү ж-а өндүрүлгөн перселерге тең ээлик болуу өндүрүш каражаттарын коомдоштуруудан эмес, жеке адамдын мажестигинен улам келип чыккан. А. о. т-түн тарыхы негизинен археол., антроп. ж-а этногр. маалыматтар б-ча калыбына келтирилет. Сов. изилдөөчүлөрдүн көбү бул формацияны негизги 3 мезгилге бөлүп карайт: *алгачкы адамдар тобу,* уруулук коомдун гүлдөп өнүгүшү ж-а аны ыдырашы. Уруулук коом өз өнүгүшүндө 2 доорду — энелик уруунu (матриархат) ж-а аталык уруунu (патриархат) башынан өткөргөн. Энелик уруу мезгили төмөнкү палеолиттен башталып, неолиттин убагында өөрчүп-өнүккөн учуру м-н бүтөт. Мында таш, сөөк, мүйүздөн ж-а жыгачтан жасалган бычак, найза, союл колдонулган, кийинчерээк кескич, кыргыч, ийне сыяктуу эмгек куралдары пайдаланылган; чарбачылыктын негизги түрү аңчылык, балык кармоо ж-а мөмө-жемиш терүү болгон, жыныстар ортосунда эмгек бөлүштүрүү натыйжасында эркектер балык, аң уулоо, аялдар мөмө-жемиш терүү түйшүгүн аткарган. Өндүрүштө кескич, канжар, балта, керки, орок сыяктуу перселер ж-а жыгач кайык колдонулган. Ошону м-н катар общиналар арасында эмгек бөлүштүрүүнүн жышаасы келип чыккан: айрымдары жер айдоо кесибине өтсө, кээ бирөөлөрү балык, аң улоо же мал асыроо м-н тиричилик өткөрө баштаган. Энелик уруунун соңку доорунда уруу ичинде эне башкара турган чоң-чоң үй-бүлөлөр бөлүнүп чыгып, бир нече уруунун башын кошкон топтор калыптана берген. Аталык уруу мезгили *коло доорун* ж-а алгачкы *темир доорун* кучагына алат. Бул мезгилде өндүргүч күчтөр күрдөөлдүү өнүгүп, жер айдоо куралы колдонула баштайт, мал асыроо жолго коюлуп, ар түрдүү металлдарды (жез, коло, темир) ысытып иштетүү м-н кол өнөрчүлүк пайда болот. Мында эмгекти коомдук бөлүштүрүүнүн 3 түрү жүзөгө ашырылган; дыйканчылыктан, мал багуудан кол өнөрчүлүк ж-а соода өз алдынча ажыран чыккан. Өндүрүштө эркектердин ролу артып, аял эмгегинин өнүмү төмөндөгөндүктөн, алар коомдо ж-а үй-бүлөдө 2-орунга түшүп калган. Общиналарда чоң-чоң патриарх. үй-бүлөлөр калыптанып, уруунун чарбачылыктагы бирдиктүү көрүнүшү жоголот, өндүрүш мамилелери да өзгөрөт: жайыттар ж-а сугат жерлер гана уруулардын менчигинде болуп, айдоо жерлер чоң-чоң үй-бүлөлөрдүн арасында бөлүнөт. Аталык уруунун соңку мезгилинде тууганчылык байланыш ата жагынан эсептелип, уруулар ортосундагы кагылышуулардан колго түшкөндөр кулга айландырылган. Общинанын ичинде социалдык ж-а экон. теңсиздик келип чыккан. Мунун өзү А. о. т-түн ыдырап бузулушуна ж-а жаңы социалдык-экон. формация — *кулээлөөчүлүк түзүлүшү* м-н алмашылышына алып келген. Кырг-ндын терр-ясын А. о. т-түн баштапкы мезгилинин издери Ош-Арча суусунун боюнан ж-а *Кожо-Бакырган-Сай* капчыгайынан табылган таш куралдарынан улам байкалат. Ош обл-дагы Капчыгай өрөөнүнөн тиричиликтин мустьер мад-тына тиешелүү калдык табылган. Неолит ж-а коло доорунда пайдаланган курал-жарактарды *Теке-Секирик* ж-а *Ак-Чуңкур* үңкүрлөрүнөн табылган калдыктардан көрүүгө болот. Бул сыяктуу перселер Кырг-ндын башка жерлеринен (Чүй, Алай өрөөндөрү ж. б.) да көп кездешет. А. о. т-түн тарыхын изд. негизде талдоо иштери 19-к-дын ортосунан башталган. К. Маркс, Ф. Энгельс, В. И. Ленин өздөрүнүн эмгектеринде бул түзүлүш б-ча изд. корутундулар чыгарышты, жеке менчик, тап ж-а бийлөө-тескөөчүлүк адамзаттын тагдырына жазылган деген бурж. реакциячыл теориянын негизсиздигин далилдешти.



Алгач коомдогу искусство. 1. Куну тончон Венера. Сибирь. СССР. 2. Чилдин селекоту ашталган жаа. Мас д'Азиль. Франция.

Ад.: Энгельс Ф., Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы, Фр., 1970; Ленин В. И., Мамлекет жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 29-т.; Морган Л. Г., Древнее общество..., (пер. с англ.), 2 изд., Л., 1934; Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1973.

АЛГАЧКЫ ООЗДУУЛАР (Protostomia) — омурткасыз жаныбарлар тобу. Булар: жалпак, жумуру, шакек, балык куртташ, немертиндер, моллюскалар, муунак буттуулар. А. о-дын оозу денесинин алдыңкы бөлүгүндө алгачкы оозунун ордуна жайгашкан: арткы бөлүгүндө аналдык тешиги бар. Скелети жаргак кабыктуу, хитин же раковина түрүндө болот. Ичегилери эктодермадан осуп, борб. нерв системасынын ишин нерв түйүндөрү аткарат.

АЛГЕБРА — матем. илимиинин негизги тармактарынын бири. А. бир типтеги арифм. маселелерди чыгаруунун жалпы методдорун изилдөөдө, коомдук практиканын муктаждыгынан улам пайда болгон. А-да терс, иррационалдуу, комплекстүү сандардын системасынын касиеттери изилденет. А-да белгисиз чоңдуктар киргизилип, маселенин шарттары б-ча, аны м-н жүргүзүлгөн амалдардын негизинде теңдеме түзүлүп, андан белгисиздин өзү аныкталат. А-ныи өсүшүнө Чыгыштын о. кылымдагы математиктеринин арабча жазылган эмгектери чоң таасирин тийгизген. Өзбек матем. Мухаммед аль-Хорезминин (9-к.) «Алжебр ал-мукабала» деген китебинде алгебр. чоңдуктар м-н иштөө эрежеси ж-а теңдемелерди чыгаруунун теориясы иштелип чыккан. Алгебра арабдын «ал-жебр» деген сөзүнөн келип чыккан. Ал теңдемелерди өзгөртүү ыкмаларынын бирин түюндурган. А. аль-Хорезминин убагынан бери математиканын өзүнчө тармагы катарында окулат. Квадраттык теңдемелерди чыгаруу үчүн формулалардын табылышы жог. даражалуу теңдемелер үчүн ошондой формулаларды издөөгө алып келген. Үчүнчү ж-а төртүнчү даражадагы теңдемелердин чыгарылышы үчүн формулалар 16-к-да табылган. Беш ж-а андан жог. даражалуу теңдемелер үчүн мындай формулалардын жок экендиги 19-к-дын башында аныкталган. Азыркы убакта теңдемелерди изилдөө А-ныи негизги маселеси эмес. Азыр А. касиеттерди б-ча алгебр. операциялар аткарылуучу жаратылыштагы объектилердин системалары ж-дөгү илим болуп калды. А-лык операциялардын мисалдары: матрицаларды, функцияларды кошуу ж-а көбөйтүү, мейкиндиктин өзгөртүүлөрү м-н амалдар, векторлор м-н болгон амалдар ж. б. Илимдин өнүгүшүндө группа, талаа, алкак, структура, сызыктуу А., *топологиялык алгебра* ж-а *гомологиялык алгебра,* категория ж. у. с. А-лык системалар пайда болду. Бул системалар *топологияда, функциялык анализде,* сандар теориясында, *эсептөө математикасында, теориялык механикада* ж-а физикада колдонулат.

Ад.: Выгодский М. Я., Арифметика и алгебра в древнем мире, М., 1967; Курош А. Г., Курс высшей алгебры, М., 1968; Ван-дер-Варден Б. Л., Современная алгебра, пер. с нем., 2 изд., ч. 1—2, М.—Л., 1947; Бурбаки Н., Алгебра, пер. с франц., М., 1962—66.

АЛГЕБРАЛЫК ГЕОМЕТРИЯ — математиканын алгебр. көп түсполдуктуу окутуучу бөлүгү. $x_1, x_2, ..., x_n$ координаталары

$$F_1(x_1, x_2, ..., x_n)=0$$
$$\dots\dots\dots\dots\dots$$
$$F_m(x_1, x_2, ..., x_n)=0$$

теңдемелер системасынын чыгарылыштары болгон n өлчөмдүү мейкиндиктеги чекиттердин көптүгү алгебр. көп түсполдуктуу түзөт. $F_1, F_2, ..., F_m$ — $x_1, x_2, ..., x_n$ белгисиздеринен түзүлгөн көп мүчөлөр. Ар бир алгебр. көп түсполдуктун андагы чекитти аныктоочу коз караңды эмес параметрлердин саны деп аталган белгилүү өлчөмдүүлүккө ээ. Өлчөмдүүлүгү 1 болгон көп түсполдуктуктор — алгебр. ийри сызыктар деп, ал эми өлчөмдүүлүгү 2 болгондору алгебр. беттер деп аталат. Мис., конустук кесилиштер алгебр. ийри сызыктарга кирет. А. г-ныи методдору сандар теориясында, көп комплекстүү функциялардын ж-а группалардын теориясында, алгебр. топологияда ж. б. колдонулат.

Ад.: Чеботарёв Н. Г., Теория алгебраических функций, М.—Л., 1948; Ходж В., Пидо Д., Методы алгебраической геометрии, пер. с англ., т. 1—3, М., 1954—1955; Алгебраические поверхности, М., 1965.

АЛГЕБРАЛЫК САН — $n \geqslant 1$ ж-а $a_1, a_2, \dots a_n, a_{n+1}$ бүтүн (рационалдуу) сандар болгондогу алгебр. $a_1\alpha^n + a_2\alpha^{n-1} + \dots + a_n\alpha + a_{n+1} = 0$ теңдемени канааттандыруучу α саны. Эгерде $a_1 = 1$ болсо, α бүтүн А. с. деп аталат. Эгерде $F(x) = a_1x^n + \dots + a_nx + a_{n+1}$ көп мүчө рационалдуу коэффициенттүү оң даражадагы эки көп мүчөнүн көбөйтүндүсү болбосо, анда n саны α А. с.-дын даражасы деп аталат. Эки мүчөлүү $x^n = a$ (мында a — рационалдуу сан) теңдеменин тамырлары эң жөнөкөй А. с-дар болот. Мис., рационалдуу сандар ж-а $\sqrt{3}$, $\sqrt{7} - \sqrt{5}$ сыяктуу сандар — бүтүн А. с. i ж-а $\sqrt[13]{29}$ да — А. с., анткени алар тиешелүү түрдө $x^2+1=0$ ж-а $x^{13}-29=0$ теңдемелердин тамырлары болот. Алгебр. боло албаган сандар трансценденттик деп аталат.

Ад.: Боревич З. И., Шафаревич И. Р., Теория чисел, М., 1964.

АЛГЕБРАЛЫК ТАЛАА — математиканын түрдүү бөлүмдөрүндө колдонулуучу маанилүү алгебр. түшүнүктөрдүн бири. Эгер куру эмес P көптүгүндө алгебр. кошуу ж-а көбөйтүү амалдары аныкталса, анда ал А. т. деп аталат. Көптүктүн ар кандай эки $a, в$ элементтерине алардын суммасы деп аталуучу $a+в$ элементин туура келтирсек, ошол эле элементтерге алардын көбөйтүндүсү деп аталуучу $ав$ элементин коё алсак, анда алар төмөнкү касиеттерге: 1. $a+в=в+a$ (кошуунун коммутативдүүлүгү); 2. $a+(в+c)=(a+в)+c$ (кошуунун ассоциативдүүлүгү); 3. P көптүгүндө ар кандай $ав$ үчүн $a+x=в$ теңдемеси жок дегенде бир чыгарылышка ээ; 4. $ав=ва$ (көбөйтүүнүн коммутативдүүлүгү); 5. $a(вс)=(ав)c$ (көбөйтүүнүн ассоциативдүүлүгү); 6. $(a+в)c=ac+вс$ (көбөйтүүнүн дистрибутивдүүлүгү); 7. P көптүгүндө ар кандай $a, в$ үчүн $a \neq o$ болгондо, $ax = в$ теңдемеси бир чыгарылышка ээ; 8. P көптүгү нолдон айырмаланган, эч болбогондо бир элементке ээ. Бардык рационалдык сандардын, аныкталган сандардын көптүгү ж-а $a+в\sqrt{2}$ ($a, в$ — рационалдык сандар) түрүндөгү бардык сандардын көптүгү талаага мисал боло алат.

Ад.: Ван-дер-Варден Б. Л., Современная алгебра, пер. с нем., 2 изд., ч. 1—2, М.—Л., 1947.

АЛГЕБРАЛЫК ТЕҢДЕМЕ — алгебр. эки туюнтманы барабарлоодон алынуучу теңдеме. Эгерде бир белгисиздүү А. т-де белгисиз чоңдук бөлчөктүн бөлүмүндө бар болсо, анда ал бөлчөктүү деп (мис., $2x^2+1/3x = 3x-7$), белгисиз чоңдук радикалда катышса, анда ал иррационалдуу деп аталат (мис., $\sqrt{2x}-1+3 = 2x^2-\sqrt{x}$).

АЛГЕБРАЛЫК ТОЛУКТООЧ, к. *Аныктагыч.*

АЛГЕБРАЛЫК ТУЮНТМА — тамгалардан ж-а сандардан куралып, өз ара алгебр. амалдардын (кошуу, кемитүү, көбөйтүү, бөлүү, бүтүн даражага көтөрүү ж-а тамырдан чыгаруу) белгилери м-н байланышкан туюнтма. А. т-дагы кайсы тамгалар тамырдын белгисинин астында болбосо, ал дал ошол тамгаларга карата рационалдуу деп аталат. Мис., $\sqrt{a} - 2в,(c-в\sqrt{2})$ $в$ ж-а c га карата рационалдуу туюнтма. А. т-дагы тамгалар бөлчөктүн бөлүмүндө болбосо, ал дал ошол тамгаларга карата бүтүн деп аталат, (мис., $2a/c+\sqrt{2}\,вс - 3ac/5$ a ж-а $в$ га карата бүтүн туюнтма. Эгер тамгалары өзгөрүлмө деп эсептелсе, ар кандай А. т-лар бул тамгаларга карата *алгебралык функция* боло алат.

АЛГЕБРАЛЫК ФУНКЦИЯ — алгебр. теңдемени канааттандыруучу функция. Көп мүчөлөр ж-а алардын тийиндилери [мис., $7x^3+\sqrt{5}xy^2-2y$, $(1-xy+x^2)/(3-x)$] рационалдык, калгандары — иррационалдык А. ф-лар. Иррац. А.-флардын оң жөнөкөйлөрүн радикалдардын жардамы м-н туюнтууга болот (мис., $x^3+\sqrt{x^2+y}$, $y-3x\sqrt{x^2-2}$). Алгебр. боло албаган функциялар трансценденттик деп аталат. Алгебранын мектептик курсунда даражалуу—x^α (мында α — иррац. сан), көрсөткүчтүү — a^x, логарифмалык ж. б. *трансценденттик функциялар* кездешет.

Ад.: Чеботарёв Н. Г., Теория алгебраических функций, М.—Л., 1948.

АЛГЕБРАНЫН НЕГИЗГИ ТЕОРЕМАСЫ — комплекстүү коэффициенттери болгон алгебр. $a_0x^n+a_1x^{n-1}+\dots+a_n=0$ теңдеменин комплекстүү n тамыры бар экендиги ж-дөгү теорема, к. *Алгебра.*

АЛГОЛ (англ. algorithims ж-а language деген сөзүнөн алынган) — электрондук эсептегич машиналарда программалоо тилдеринин биринин кыскача аты. Ал ар кайсы өлкөлөрдүн окумуштуулары тарабынан иштелип чыккан (1958—60). А-до жазылган маселе атайын программа (транслятор) аркылуу ЭЭМдин командаларынын системасына которулат. Анда латын тамгалары, араб цифралары, арифм. ж-а логикалык амалдар, барабардык ж-а барабарсыздыктын белгилери, кашаалар колдонулат. А-до амалдардын аткарылышынын тартиби англис тилинен алынган атайын сөздөр м-н көрсөтүлөт.

Ад.: Алгоритмический язык АЛГОЛ-60, пер. с англ., М., 1965; Лавров С. С., Универсальный язык программирования (АЛГОЛ-60), 2 изд., М., 1967.

АЛГОРИТМ, *алгорифм* — жөнөкөй түшүнүккө ээ терминдердин формалдуу аныктамасы болбостон, түздөн-түз тажрыйбадан алынуучу матем. негизги түшүнүктөрдүн бири. «А.» algarithmi деген арабчадан латындаштырылган. 9-к-да жашаган хорезм математиги Мухамед бен-Муса *аль-Хорезмдин* атынан келип чыккан. Эң жөнөкөй А-ге мисал — башталгыч класстан белгилүү төрт амалды аткаруу эрежелери. А. бүтүн сандардын эң чоң жалпы бөлүүчүсүн табуу эрежеси болуп, илимде байыртадан бери өле далай. А. түшүнүгүн тактоо А. теориясынын жаралышына алып келди. Матем. м-н логикада А. амалдарды чыгаруудагы жалпы эреже болуу м-н объективдүү дүйнөнүн закондорунун чагылышын, туюнтулушун көрсөтөт. Кандайдыр бир маселенин А-ин билсек, анда аны жөнөкөй эле чыгарууга болот. Берилген алгачкы маалыматты толук бойдон кабыл алып, натыйжасын берилген маалымат б-ча аныктоо А. процесси болот. Мис., А. арифм. амалдардын мүмкүн болгон натыйжасы ондук системада жазылган натуралдык сандар же баштапкы берилген маалыматы мүмкүн болушунча преттелген жуп сандар болушу мүмкүн. Негизги тапшырманы А. процесси б-ча жазуу тартибине төмөнкүлөр кирет: 1) баштапкы берилген маалыматтын мүмкүн болгон жыйындысын көрсөтүү; 2) процесстин жетиштүү даражада чечилишинин эрежеси. А-ди колдонуу процессинде анын натыйжасы алынбай калышы да мүмкүн. А. матем. эсептөөдө негизги мааниге ээ болуп, аны тактоону амер. матем. Э. Л. Пост м-н англ. матем. А. Тьюринг сунуш кылган (1936). Сов. матем-тер А. А. Марков, А. Н. Колмогоров тарабынан да тактоолор киргизилген. Илимий изилдөөнүн эң негизги объектилеринин бири катары А. ж-а алгоритм теориясы, эсептөө техникасы м-н кибернетиканын тез өнүгүшүнө алып келди.

Ад.: Мальцев А. И., Алгоритмы и рекурсивные функции, М., 1965.

АЛГОРИТМАЛАР ТЕОРИЯСЫ — математиканын алгоритмаларды түзүү ж-а алардын жалпы касиеттерин изилдөөчү бөлүгү. Ар кандай алгоритм төмөнкү 3 шартты канааттандырышы керек: 1) аныктык — эркинче талкуулоого жол бербеген бир маанилүүлүк ж-а тактык; 2) массалуулук — бир гана маселе үчүн эмес, бүтүндөй бир класстагы маселелерди чыгаруу мүмкүндүгү; 3) натыйжалуулук — алдыга коюлган максатка чектүү сандагы операцияларды аткарып жетүү мүмкүндүгү. А. т-н системалык түрдө изилдөө 1936-ж. А. Черч эсептелинүүчү функция ж-дөгү түшүнүктү тактап жарыялагандан башталат. А. т-нда берилген функциянын маанилерин эсептеп чыгаруу, берилген көптүктүн элементтерин атап өтүү проблемалары чоң роль ойнойт. А. т-нын негизги түшүнүктөрү болгон эсептелинүүчү функция, чечилүүчү ж-а эсептелүүчү көптүктөр, А. т-н логика, кибернетика, моделдер теориясы ж-а математиканы негиздөөнүн филос. маселелери м-н байланыштырат.

Ад.: Трахтенберг Б. А., Сложность алгоритмов и вычислений, Новосиб., 1967; Мальцев А. И., Алгоритмы и рекурсивные функции, М., 1965.

АЛГЫ (Korolkovia) — лилиялар тукумунун уруусу, көп жылдык өсүмдүк. Сөңгөгүнүн бийиктиги 20—60 *см*. Түбүнүн диаметри 5 *см* ге чейин. Жалбырактары калың, жумурткадай же сүйрү формада, сабагына жартылай жарманча орун алган. Гүлдөрү жашыл, күрөң же кызгылт күрөң. Жазында гүлдөп, уругу июль айында бышат. А. О. Азияда гана кездешет. Кырг-ндын түш. р-ндорунун тоо этектеринде, бөксө тоолордо северцов А-сы кеңири таралган. Тоголок түбүнүн составында жүрөккө таасир этчү алкалоиддер бар. Крахмалга бай. А-ны сүрүп майдалаган соң, сууга уусу кеткиче жуун, маңызын азык катары пайдаланса болот.

АЛГЫР КУШТАР — аң ж-а илбээсин уулоо үчүн атайын тапталган кыраан куштар. Аларга *ителги, буркут, карчыга, кыргый, турумтай* ж. б. куштар кирет. Илгери А. к. оокат кылуу (аң алдыруу, илбээсин карматуу ж. б.) максатында да, спорттук кызыкчылык (көңүл ачуу, тамаша куруу, саламаттык чыңоо ж. б.) үчүн да салынган. Алар *тартуу* ж-а *калыңга* баш ат катары да берилген. Совет бийлиги тушунда А. к-ды салуу улуттук спорт оюнунун бир түрүнө айланды. А. к-дын ичинен бүркут м-н карчыга азыр да тапталып, ууга алып чыгылат. Куну терилерди даярдоодо бүркуттун мааниси чоң.

АЛДАБЕРГЕНОВ Нурмолдо (1906—1967) — Казак ССРинин колхоз өндүрүшүнүн көрүнүктүү ишмери, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1958). Талды-Коргон р-ндагы Карл Маркс атн. к-здун пред-ли (1965—67), Казак ССРинин соц. дыйканчылыгына эмгек сиңирген мастери, 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. А. 2 Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар ж-а СССР эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн медалдары м-н сыйланган. КПССтин 20-съездинин делегаты, СССР Жог. Советинин 5-шайл., Казак ССР Жог. Советинин 3—4-шайл. депутаты.

АЛДАМЧЫЛЫК (*мошенничество*) — алдоо же ишенчиге кыянат кылуу амалы м-н мамлекеттин, коомдун, граждандардын мүлкүн же мүлкө болгон укугун ээлеп алуу. А. уурдоо, тонуп алуу сыяктуу кылмыштардан жабыр тарткандын ишениминен пайдаланып жасалгандыгы м-н айырмаланат. А. үчүн Кыргыз ССР УКнын 148-статьясы б-ча жоопко тартылат.

Алгыр куштар: 1. Турумтай; 2. Карчыга; 3. Шумкар; 4. Ылаачын; 5. Ителги.



АЛДАН — Лена д-нын эң ири оң куймасы; Якут АССРиндеги дарыя. Уз. 2273 *км*, алабынын аянты 729 миң *км*². Становой кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Оң куймалары: Тимптон, Учур, Мая, Аллах-Юнь, сол куймасы — Амга. Кар ж-а жамгырдан куралат. Чатында жылдык орт. чыгымы 5060 *м*³/*сек*. А. октябрдын аягында тоңуп, май айында ачылат. Балыкка (осетр, стерлядь ж. б.) ж-а энергет. ресурстарга бай; чатынан Томмот пристанына чейин кеме жүрөт. Негизги пристандары: Томмот, Усть-Мая, Хандыга. Алабында алтын, таш көмүр, слюда кендери бар.

АЛДАН — Якут АССРиндеги Алдан р-нунун борбор шаары. Амур — Якут автомагистралында, Чоң Невер т. ж. станциясынан 648 *км* түн. тарапта, Алдан бөксө тоосунда жайгашкан. Алтын кендеринин ачылышына байланыштуу 1923-жылдан — посёлок, 1939-жылдан тартып — шаар. Калкы 17 миң (1970). Якут АССРинин алтын ж-а слюда өн. ж. р-нунун экон. ж-а админ. борбору. Машина оңдоочу з-ду, политехникум, мед. окуу жайы бар.

АЛДАН КАЛКАНЫ — Сибирь платформасынын түш.-чыг. тарабында кембрийге чейинки байыркы тоо тектеринден түзүлгөн фундаменттин жер бетине чыгып турган болүгү. Ал негизинен азыркы Алдан бөксө тоосу жайгашкан аянтка туура келет. А. к. архей м-н протерозой заманындагы тоо тектердин (кристаллдуу сланец ж. б.) калың катмарларынан турат. Тоо тек катмарлары ири бүктолүүлөргө учуран, айрым жерлерде аларды протерозой, палеозой, мезозой замандарынын гранит интрузиялары жирен чыккан. А. к-дагы тоо тектерде темир, жез, слюда, алтын, пьезокварц, таш көмүр ж. б. кендер бар.

АЛДАН ТАШПАК ТООСУ — Якут АССРинин түштүгүндөгү тайпак тоо. Олёкма м-н Учур д-ларынын аралыгында жайгашкан. Орточо бийик. 800—1000 *м*, эң бийик жери 2306 *м*. Негизинен Алдан калканынын архей, протерозой гнейстери м-н кристаллдуу сланецтеринен турат. А. т. т. Алдан ж. б. д-лардын куймалары м-н тилмеленген. 1100—1300 *м* ге чейин ийне жалбырактуу чытырман тайга, андан жогору сейрек токойлор, жылаңач чокулар ж-а таштуу тундра. Темир, көмүр, слюда, алтын кендери бар.

АЛДАР КӨСӨӨ — түрк элдеринин оозеки чыг-ларында кеңири тараган акылдуу, куу, айлакер адамдын жыйынтыкталган образы. А. К-нун аты кээде лакап катары да колдонулат. Элдик жөө жомоктордо А. К-нун окуясына байланыштуу бир канча күлкүлүү ачкемелер бар. А. К-нун аты да анын иштерине байланыштуу келип чыккан. Анын өз аты — Чагатай. Ал сарач байларды, пайда издеген соодагерди, алдамчы молдо, бүбүбакшыларды, кара ниет ханды алдагандыгы үчүн А. К. деген атка конот. А. К-нун алдамчылык чебердиги «Чык татырбас Чынарбай», «Кочкөсбай» сыяктуу жомоктордон ачык көрүнөт. Өмүр бою адамга чык татырбаган Чынарбайды түрдүү амал-айла м-н алдан эсин оодарат. Элдик жомоктордо А. К-нун бул сыяктуу иштерин букара эл айыптабайт, кайра моокумканын кубаттайт. Элдик жомоктордо А. К-нү Жаныбек хандын түшунда (14—15-к.) жашаган деген уламыш бар. А. К. окуялары түрк тилиндеги элдердин көбүнчө жөө жомок катары кездешет.

Текст: Кыргыз эл жомоктору, Фр., 1960.

АЛДАШЕВ Абдулкай Алдашевич (1918-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Жети-Өгүз кыш.) — сов. фармаколог, адабий котормочу, вет. илимд. доктору (1965), проф. (1966), Кыргыз ССРинин эмг. сиң. вет. врачы (1974). 1950-жылдан КПССтин мүчөсү, Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. СССР ЖСКе мүчө (1956). СССР айыл чарба мин-восунун фармакология советине мүчө. 1939-ж. Кырг-н айыл чарба ин-тунун (азыркы К. И. Скрябин атн.) вет. ф-тетин бүтүргөн. 1956—74-ж. ошол ин-ттун фармакология, токсикология, патофизиология ж-а биохимия кафедрасынын башчысы; ошону м-н катар илим б-ча проректору (1966—1974) болуп иштеген. 1974-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Биол. ин-тунун директору. 100дөн ашык ил. эмгектин автору, алардын ичинде монография ж-а кыргызча-орусча сөздүктөр бар. Ал илимдин 3 кандидатын даярдаган. Көп томдук «Манас» эпосунун орусча котормосунун редактору. Анын «Койдун жайыттагы токсикоздорунун этиологиясында уу коргошундун мааниси» деген монографиясы уу чөптөрдү изилдөө б-ча белгилүү эмгектердин катарына кошулду. Бул тармактын О. Азия ж-а Каз-н б-ча тунгуч илимпозу. СССРде ж-а чет элкелерде откөрүлгөн ил. съездерге, конф-яларга, конгресстерге катышкан. Ал 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Кызыл Жылдыз, 2 «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Койдун тоют уукмасы, Фр., 1963; Ветеринардык фельдшердин справочниги, Фр., 1960 (шер. автор); Акониты в этиологии пастбищных токсикозов овец, Фр., 1964.

Ад.: Самаганов Ж., Советтик Кыргызстандын жазуучулары, Фр., 1962.

АЛДАЯР ТОО Кичи-Алай кырка тоосунун чыгышында, Куршаб ж-а Карагуз сууларынын ортосунан орун алган. Бийикт. 2800 *м*. Тоону мезозой, палеоген ж-а неогендик аки таш тектери түзөт. Түн. капталдары жантайыңкы, ага талаа ландшафты мүнөздүү. Түш. капталында тик жылгалар, сайлар ото көп. Мында токойлуу-шалбаа, токой, канчыгайда субальпы-шалбаа тилкелери жатат.

АЛДЫН АЛА АЙТУУ ТЕОРИЯСЫ — алдын ала айтуунун оптималдуу методорун табуучу ж-а изилдөөчү матем. илим. Бул теория — *ыктымалдык теориясы, математикалык статистика, ыктымалдуу процесстердин теориясы, аппроксимация теориясы* ж-а *функционалдык анализ* м-н тыгыз байланыштуу статистикалык теория. А. а. а. т-н сов. окумуштуу А. Н. Колмогоров ж-а амер. окумуштуу Н. Винер негиздешкен.

Ад.: Колмогоров А. Н., Интерполирование и экстраполирование стационарных случайных последовательностей, «Изв. АН СССР. Сер. матем.», 1941, т. 5.

АЛДЫН АЛА ДЕЗИНФЕКЦИЯЛОО — жугуштуу оорулардан сактануу максатында дартты табууга чейин жүргүзүлө турган чара. Мис., ичилчү сууну хлордоо, сүттү пастеризациялоо. Бул дезинфекция вокзалдарда, поезддерде, театрларда, чач тарачтарда, мейманканаларда, мектептерде, мед. мекемелерде, коомдук тамак-аш сакталган ж-а сатылган жайларда жүргүзүлөт, к. *Дезинфекция*.

АЛДЫН АЛА ТЕРГӨӨ — уголовный иште сотто кароодон мурдагы текшерүү. А. а. т-нү прокуратура, ички иштер ж-а мамл. кооопсуздук органдарынын тергөөчүлөрү жүргүзүшөт. Тергөөнүн жүрүшүндө айыпкерди ашкерелөөчү, анын жоопкерчилигин оордотчу жагдайларды гана эмес, аны актоочу ж-а айыбын жеңилдетчү жагдайлар да текшерилет.

АЛДЫН АЛА ЧЫҢАЛТЫЛГАН КОНСТРУКЦИЯЛАР — чыңалган абалдагы конструкциялар. Темир-бетондогу алдын ала чыңоо бетонду кысуудан ж-а арматураны чоюудан турат. Алдын ала чыңалтылган темир-бетон конструкциянын негизги төрт түрү бар: 1) арматураны чоюучу күчтү 1-жолу атайын жасалган таянычтарга берип, анан куюлган бетон катканда кийин, чоюучу күчтү карман турган таянычтарды алып таштаганда, арматуранын кыскаруусунан пайда болуучу күчтөрдү 2-ирет бетонго берүү жолу м-н мүнөздөлгөн конструкция; 2) каткан бетондогу арматураны чоюучу күчтү тике эле бетонго берүүчү конструкция; 3) темир арматуранын ордуна чыңалган темир-бетон тактайлары ж. б. колдонулган конструкция; 4) арматураны чоюуда өзгөчө кеңейүүчү цемент колдонулган өзүнөн өзү чыңалуучу конструкция. Темир конструкцияларын алдын ала чыңоодо да бир нече ыкма колдонулат. Алдын ала чыңалган темир-бетон конструкциялары курама устундарды даярдоодо, гражд. ж-а гидротех. курулушта, аэродромду жабуу конструкцияларында, ал эми темир конструкциялары конуро салууда, машина, кеме куруу тармагында колдонулат.

АЛДЫН АЛУУЧУ САНИТАРДЫК КӨЗӨМӨЛДӨӨ — өнөр жай ишканаларын, трансп. курулуштарды, калк жашоочу турак жайларды планташтырууда, курууда ж-а абат кылууда санитардык эрежелердин бузулушун алдын ала көзөмөлдөө. Анын милде-

ти: ө. ж-ларда даярдалуучу тамак-аш, буюмдар үчүн бекитилген Бүткүл союздук, респ-калык үлгүлөрдүн бузулуусуна жол бербөө; абаны, ичүүчү сууну, топуракты ө. ж-нан чыккан зыяндуу заттардан санитардык сактоо. Көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууда санитардык органдардын өкүлдөрү мекемелерге, ө. ж. ишканаларына, ведомстволорго санитардык нормалар м-н эрежелерге негизделген, сөзсүз аткарылууга тийиштүү корутундуларды берет.

АЛДЫНА ТҮШҮҮ — күнөөсүн мойнуна алып, кечирим суроо. Алдына түшкөн киши мал же баалуу буюм тартуулаган. А. т. ар кандай шарттарда болуп, анын көп түрү бар. Мис., келинди качырып алса, кыздын ата-энесине барып үчүн мал-мүлкүн тартуулап, кудалардын алдында айыпка жыгылат. Бул өткөндөгү таптык коомго таандык болуп, эзүүчүлөр өздөрүнүн байлыгы ж-а бийлигине таянып, колунда жоктордун А. т-сүнөн пайдаланышкан. Кээде алдына түшкөн адамды ортодогу калыстар айыпка жыгышкан. А. т., күнөөлүү киши өзүнүн күнөөсүнөн акталуу үчүн алдына түшүп, кечирим сурагандыктан, чыккан.

АЛЕВРИТТЕР (гр. áleuron — ун) — өлчөмү 0,01—0,1 *мм* келген өтө майда материалдан турган борпоң чөкмө тоо тектер. А-гө *чопо* м-н *кумдун* ортосундагы тоо тектер (чаң, *ылай*, *лёсс* ж. б.) кирет.

АЛЕВРОЛИТ (гр. áleuron — ун, lithos — таш) — негизинен 0,01—0,1 *мм* өлчөмдөгү бүртүкчөлөрдүн (алеврит) цементтелип, ныкталышынан пайда болгон ж-а диагенездин таасиринен өзгөрүүлөргө учураган катуу чөкмө тоо тек. А. нефть, газ ж-а суу топтоочу тоо тектерден. Кырг-нда кеңири таралган.

АЛЕЙРОДИДДЕР (Aleyrodinea), а к к а н а т т у у л а р — муунак буттуулардын тең канаттуулар (Homoptera) түркүмүнө кирүүчү курт-кумурскалар. Денелери сары кызгылт келип, кээде күңүрт майда тактары болот. Эки жуп канаты ак чаңчалар м-н капталган. А. жалбырактын астыңкы бетине жашап, өсүмдүктөрдүн ширелери м-н тамактанып, ошол эле жерлерге жумурткалайт. А-дин 200дөй түрүнөн СССРде 30га жакыны бар. Алардын ичинен теплицачы ж-а цитрусчу ак канаттуулардын личинкалары өтө зыяндуу.

АЛЕЙРОН БҮРТҮКЧӨЛӨРҮ — өсүмдүктөрдүн уруктарында учуроочу белоктон турган бүртүкчөлөр. Урук жетилгенде, анын клеткаларындагы белокко бай вакуолдор суусун жоготуп, А. б-нө айланат. А. б. жөнөкөй ж-а татаал болуп экиге бөлүнөт: жөнөкөй А. б.— бирдей түзүлүштөгү белоктуу майда бүртүкчөлөрдөн, ал эми татаал А. б. кристалл түрүндөгү белоктон ж-а туздардан турат. Татаал А. б. майлуу, жөнөкөй А. б. крахмалдуу уруктарда учурайт. Урук өнгөндө, А. б. түйүлдүккө азык зат катарында пайдаланылат.

АЛЕКПЕРОВ Алескер Гажи Ага оглы (1910—1963) — азерб. совет актёру, СССР эл артисти (1961). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Сахналык ишмердигин 1927-ж. баштаган. 1933-жылдан Азизбеков атн. азерб. театрынын актёру. А. көбүнчө трагедиялуу ролдорду аткарган. «Вулкандагы үй», «Кепдлиляр», «Алыскы жээктерде» аттуу фильмдерге да тартылган. Ленин ордени, дагы башка 2 орден м-н сыйланган.

АЛЕКСАНДР I (1777—1825) — Россиянын императору (1801-жылдан). Дворецтик заговордон улам өлтүрүлгөн атасы падыша Павел Iнин ордуна тактыга отурган. Падышалыгынын 1-жарымында рев-чыл кыймылдан чочуп, либералдык реформалар саясатын жүргүзөт; мин-волор ж-а министрлер кабинетин түзөт. Мамл. совет уюштурулуп, Харьков, Казань ун-ттери ачылат. Булардын максаты бузулуп бараткан крепостнойлуктун шартындагы самодержавиени сактап калууда болгон. 1813—14-ж. А. I Европадагы мамлекеттердин антифранц. коалициясына башчылык кылат. Ата Мек. согуштун (1812) башында аракеттеги армияда болуп, кол башчы боло албагандыктан, аны таштап кеткен. Коомчулуктун кысымы м-н М. И. *Кутузов* башкы командачылыкка дайындалган. А. I падышалыгынын соңку жылдарында ачык реакцияга өтүп, *аракчеевчиликке* өбөлгө түзөт, алдыңкы илим ж-а мад-т куугунтукталат.

АЛЕКСАНДР II (1818—1881) — Россиянын императору (1855-ж. февралдан). Николай Iнин улуу уулу. Саясий көз карашы жагынан консерватор. Ошол кездеги өлкөнүн экон. абалы, *Крым согушунда (1853—56)* жеңилиши, рев-ялык кысым А. IIни 60—70-ж. бир катар бурж. реформаларды [крепостной укукту (1861) жоюу, земство, сот, шаар, аскер ишине өзгөртүүлөр киргизүү] жүргүзүүгө аргасыз кылган. 1863—64-ж. Польшадагы көтөрүлүштү баскан соң, рев-чыл толкундун төмөндөшү А. IIнин өкмөтүнүн реакциячыл курска өтүшүн жеңилдеткен. А. II рев-чыл кыймылга каршы күрөшүү үчүн 1880-ж. Жог. тескөөчү комиссияны уюштурган. Тышкы саясат жагынан А. II германфил позициясында турган. 1877-ж. А. II Балкан өлкөлөрүндө Россиянын айдыңын күчөтүүгө умтулуп, Турция м-н согуш баштаган. 1881-ж. 1-мартта Петербургда А. II «Народная воля» уюмунун атомупун өкүмү б-ча, И. И. Гриневицкий таштаган бомбадан өлгөн.

АЛЕКСАНДР III (1845—1894) — Россиянын императору (1881—94). Александр IIнин уулу. Кем акыл, орой, билимсиз, саясий көз карашы жагынан ашынган реакционер болгон. А. III 1881-ж. 29-апрелде самодержавиени чыңдоо ж-дө манифест чыгарып, ачык реакцияга өткөн. 80-жылдардын аягында 90-жылдардын башында А. IIIнүн өкмөтү контрреформаторлор м-н дворяндардын укуктарын кеңейтип, дыйкандардын, земстволордун, шаардык өзүн өзү башкаруунун укуктарын чектеген. Тышкы саясатта А. III Германия м-н эмес, Франция м-н жакындашууга аракет кылган. Натыйжада Россия-Франция союзу түзүлгөн (1891—93).

АЛЕКСАНДР МАКЕДОНСКИЙ, И с к е н д е р З у л к а р н а й н (б. з. ч. 356-ж. июль, Пелла,— б. з. ч. 13. 6. 323-ж., Вавилон) — байыркы замандагы улуу кол башчы ж-а мамл. ишмер. Чыг. элдерине Искендер Зулкарнайн деген ат м-н белгилүү. Македониянын падышасы Филипп IIнин уулу, Аристотелдин шакирти. Согуш өнөрүн атасынан үйрөнгөн. Ф. Энгельс аны бардык доордогу атчан аскер башчыларынын эң көрүнүктүүсү деп атаган. Адегенде Ал. М. Дунайдын жээгинде фракиялыктардын Македонияга каршы кыймылын басат. Македониядан бөлүнүп чыгабыз деген Фивы, Афины ж. б. грек мамлекеттеринин оппозициячыл кыймылына катуу сокку урат (334-ж.). Ал. М-дин аскерлери Геллеспонт кысыгынан өтүп, Персияга согуш ачып, май айында перс армиясын талкалайт. Мындан кийин К. Азияны алып, Милет м-н Галикарнастан башка грек шаарларын персиялыктардан куткарат, 333-ж. күзүндө Иссанын жанында Персия падышасы Дарий IIIнүн омоктуу аскер күчүн талкалап, К. Азияны ээлейт. 332—331-ж. Египетти басып алат. 331-ж. октябрда Месопотамиядагы Гавгамелдин жанында перс аскерлерин жеңип, Вавилон, Сузы, Персеполь, Экбатану ш-ларын каратат. Дарий III өлгөн соң, Ал. М. өзүн Персияга падыша деп жарыялап, чыг. монархы, эбегейсиз зор Грек-македон-перс мамлекетинин башчысы болуп калат. Ал. М. 329-ж.



Александр Македонский.

О. Азияга басып кирип, Маркандды (Самарканды) багындырып, Сыр-Дарыянын жээгиндеги урууларга кол салат. Мында Ал. М. жерг. калктан катуу каршылык көрөт. Сыр-Дарыянын жээгинде (азыркы Ленинабад м-н Бек-Абаддын ортосунда) «Александрия Зохата» («Четки Искендерия») деген шаар курдурат (327-ж.). Гиндикуш тоосун ашып, Бат. Индияга жортуул жасайт да, аны басып алат. Ал. М. Вавилонду мамл. борборуна айландырып, жаңы жортуулга кызуу даярданып жатканда, безгек м-н ооруп, 323-ж. 13-июнда дүйнөдөн кайтат.

Ад.: К о в а л е в С. И., Александр Македонский, Л., 1937; о ш о н у к у, Монархия Александра Македонского, «Вестник древней истории», 1949, № 4; Т р е в е р К., Александр Македонский в Согде, «Вопросы истории», 1947, № 5.

АЛЕКСАНДР НЕВСКИЙ (1220—1263-ж. чейин) — орустун мамл. ишмери, кол башчы, Новгород князы (1236—51), 1252-жылдан Владимирдин улуу князы. Орустун түн.-бат. жерлерин швед ж-а немец баскынчылардан коргогон орус аскерлерине башчылык кылган. 1240-ж. 15-июлда Невада ладогалыктар м-н бирге швед баскынчыларын ойрондоп, «Невский» деп аталган. Бул жеңиш А. Н-дин саясий таасирин күчөтүп, душмандарын көбөйткөн. Боярлар м-н болгон кагылышуудан кийин, Новгороддон кетүүгө аргасыз болот. 1241-ж. Новгородду басып кирген ливондук рыцарларды жеңет. 1242-ж. 5-апрелде немец атчан аскерлери м-н кнехтердин жөө отряддарын Чуд көлүндө кыйратуу А. Н-дин өз доорундагы эң көрүнүктүү кол башчылардын катарына кошкон. Немец рыцарларынын орустарга каршы агрессиясы токтотулган. А. Н. орус жеринин түн.-бат. чек арасын бекемдөөнү улантып, Норвегия м-н тынчтык келишимин түзгөн (1251). *Алтын Ордо* м-н Рустун ортосунда болуучу тополоңду алдын ала сезип, татар хандыгын ынтымакка чакырган. Орустарды татар аскерлеринин тарабында башка элдерге согуш ачуудан куткарган. А. Н. тарыхта кылдат ж-а көрөгөч саясатчы, Ата Мекенин коргогон князь — жоокер катары бааланды. 1725-ж. 21-майда ж-а 1942-ж. 29-июлда анын урматына Александр Невский ордени чыгарылган.

АЛЕКСАНДРИТ — минерал; *хризобериллдин* бир түрү. Хим. формуласы $BeAl_2O_4$. Кошунду катары 0,5%ке чейин Cr_2O_3 кездешет. Өңү кочкул жашыл, электр жарыгында кызгылт көк. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 8,5. Салышт. салм. 3,5—3,74. А. пегматиттерде, грейзендердө болот. А.— кымбат баалуу асыл таш.

АЛЕКСАНДРИЯ (ар. А л ь-И с к а н д а р и я) — Египет Араб Респ-касынын түндүгүндөгү шаар, Александрия губернаторлугунун админ. борбору. А. Жер Ортолук деңиз жээгинде Нил дельтасынын бат. жагында. Калкы 2 млн (1970), экономикасы б-ча өлкөдө Каирден кийинки Жер Ортолук деңизиндеги маанилүү порт. А-ны б. з. ч. 332—331-ж. *Александр Македонский* курдурган. Птолемейдин (эллиндик) династиясы кезинде (б. з. ч. 305—30) Египеттин ж-а *эллиндик маданияттын*, кийинчерээк Рим, Византия (б. з. ч. 4-.) империяларынын маданий-экон. борбору болгон. 7-к-да арабдар басып алган. Каир негизделгенден кийин (969) А-нын мааниси төмөндөйт. Түрктөрдүн басып алуусунун убагында (1517) абдан катуу кыйрап, 19-к-дан тартып кайра өркүндөй баштаган. А. 1882-жылдан англ. колонизаторлордун Египеттеги портуна айланган. Өлкөдөгү улуттук-бошт. кыймылынын борборунун бири. Египет Араб Респ-касынын негизги порту болгондуктан, тышкы соодага кетүүчү жүктөрдүн 80% А. аркылуу жөнөтүлөт. Кеме ж-а машина куруу, металл ж-а нефть иштетүү, химия, токуу ө. ж-лары, байыркы мечиттер м-н дворецтер, ун-т, 5 музей, улуттук китепкана бар.

АЛЕКСАНДРИЯ КИТЕПКАНАСЫ — б. з. ч. 3-к-дын башында Александрия мусейонунун тушунда Александрия ш-да (Египет) негизделген дүйнөгө белгилүү байыркы китепкана. Аны Эратосфен, Зенодот, Аристарх Самосский, Каллимах сыяктуу ири окумуштуулар башкарышкан. Анда 700 миңге жакын том болгон. А. к-да байыркы грек ад-ты ж-а ил. китептерден башка Чыг. элдеринин тилдеринде жазылган китептер да болгон. Андагы китептерди көчүрмөчүлөр көчүрүп жазышкан. Каллимахтын жетекчилиги астында А. к-да каталог түзүлүп, ал дайыма толукталып турган. А. к-нын бир бөлүгү б. з. ч. 47-ж. Александриядагы согуштун учурунда órттөнүп кетет, бирок кийинчерээк Пергам китепканасынын эсебинен калыбына келтирилет. Б. з-дын 391-ж. имп. Феодосий Iнин тушунда А. к-нын бир бөлүгү Серапис храмында сакталып турганда, христиан-фанатиктер жок кылган, андан калганы (7—8-к-да арабдар үстөмдүк кылып турган тушта жок болсо керек.

АЛЕКСАНДРИЯ МАДАНИЯТЫ, А л е к с а н д р и я д о о р у — *эллинизм* мад-тынын бир чоң тармагы. Ал Александрия ш-нын аты м-н аталган, к. *Эллиндик маданият.*

АЛЕКСАНДРИЯ СОГУШУ (б. з. ч. 48—47-ж.) — Юлий Цезардын Египетке каршы согушу. Негизинен Александриянын терр-ясында жүргүзүлгөн. Клеопатра м-н анын тестиер иниси Птолемей XIII (Дионистин ортосунда династиялык күрөшкө Цезарь кийлигишип, Клеопатраны колдогон. Нилдин боюндагы салгылашууда (48) римдиктер жеңишке ээ болуп, Птолемей XIII Дионис курман болгон. Клеопатра Египет тактысына отуруп калган.





А. В. Александров. А. П. Александров.

АЛЕКСАНДРОВ Александр Васильевич (1883—1946) — сов. композитор, хор дирижёру, СССР эл артисти (1937), генерал-майор (1943), иск-во таануу илимд. доктору (1940). 1939-жылдан КПССтин мүчөсү. Петербург, Москва консерваторияларында окуган. А.— Сов. Армиянын Кызыл Туулуу ыр-бий ансамблинин уюштуруучусу (1928) ж-а жетекчиси. А-дун В. И. Лебедев-Кумачтын «Ыйык майдан» аттуу ырына жазган музыкасы (1941) Ата Мек. согуштун муз. эмблемасы болгон. А. Сов. Союзунун Гимнине музыка жазган (1943). Сов. көрүнүктүү массалык ырларды түзгөндүгү (1942) ж-а концерттик аткаруучулук ишмердиги үчүн (1946) ага СССР Мамл. сыйлыктары берилген. Ал Ленин ордени, дагы башка орден, медалдар м-н сыйланган.

АЛЕКСАНДРОВ Анатолий Петрович (1903-ж. т., Киев обл., Таращи ш.) — сов. физик, үч жолу Соц. Эмг. Баатыры (1954, 1960, 1973). СССР ИАнын акад. (1953), президенти (1975). 1962-жылдан КПССтин мүчөсү, 1966-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. 1930-ж. Киев ун-тин бүтүрүп, СССР ИАнын Физ.-тех. ин-тунда иштеген. 1946—55-ж. СССР ИАнын Физ. проблема ин-тунун, 1960-жылдан И. В. Курчатов атн. атомдук энергия ин-тунун директору. А-дун эмгектери диэлектриктер физикасына ж-а жог. молекулалуу бирикмелердин касиеттерин изилдөөгө арналган. Катуу нерселердин бекемдигинин статистикалык теориясын сунуш кылган. 1936-ж. 2-дүйн. согушта колдонулган корабллерди миналардан сактоо методун ачкан. 1946-жылдан баштап ядролук реакторлор-



Александрия шаары (деңиз жээги).

ду түзүү б-ча иштейт. А. СССР Жог. Советинин 5—6-шайл. депутаты. Ленидик (1959) ж-а Мамл. сыйл. (1942, 1949, 1951, 1953) лауреаты, 7 Ленин ордени ж. б. ордендер, медалдар м-н сыйланган.

АЛЕКСАНДРОВ Георгий Федорович (22. 3. 1908—21. 7. 1961) — сов. философ, СССР ИАнын акад. (1946). 1928-жылдан КПССтин мүчөсү. 1932-ж. Москвадагы Тарых ж-а филос. ин-тун бүтүргөн. 1940—47-ж. ВКП(б) БКнын Агитация ж-а пропаганда башкармасынын начальниги. 1947—54-ж. СССР ИАнын Филос. ин-тунун директору, 1954—55-ж. СССР мад-т министри. А.— 1940—43-ж. Москвадан чыккан филос. тарыхынын (1—3-т.) авторлорунун бири. Азыркы кездеги бурж. философия м-н социол. теорияларын сынга алууга арналган эмгектерди жазды. 1955—61-ж. БССР ИАнын Филос. ин-тунда иштеген. А. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1943, 1947), 2 Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛЕКСАНДРОВКА — Москва р-нундагы Александровка сельсоветине караштуу кыштак. «Дружба» к-зунун аймагында, р-ндун борбору Беловодскийден 10 *км* чыг. тарапта, Фрунзе—Ош шоссе жолунун боюнда. Калкы 7715 (1973). Орто мектеп, 2 башталгыч мектеп, 2 оорукана, мад-т үйү, 4 китепкана бар.

АЛЕКСАНДР НЕВСКИЙ ЛАВРАСЫ — Ленинграддагы мурунку монастырь Петр I 1710-ж. *Александр Невскийдин* урматына курдурган; 1797-ж. лавра деп аталган. Лавранын архит. ансамблине Благовещенск чиркөөсү (1717—22), Федоров чиркөөсү (1742—50), классицизм стилиндеги монументтүү Троицкий собору (1778—90) ж. б. кирет. Азыр А. Н. л. — мамл. корук, мында 18-к-дын некрополу ж-а иск-во устаттарынын некрополу бар шаардык скульптура музейи жайгашкан. А. Н. л-на М. В. Ломоносовдун, А. В. Суворовдун, Д. И. Фонвизиндин, Н. М. Карамзиндин, И. А. Крыловдун, М. И. Глинканын, М. П. Мусоргскийдин, П. И. Чайковскийдин, Ф. М. Достоевскийдин, В. В. Стасовдун ж. б-дын сөөгү коюлган.

АЛЕКСАНДРОПОЛЬ КӨРҮСТӨН ДӨБӨСҮ — УССРдин Днепропетровск обл-дагы Никополь ш-нын жанындагы (б. з. ч. 3-к.) скиф «падышаларынын» көрүстөн дөбөлөрүнүн бири. 1852—54-ж. А. Терещенко, 1855—56-ж. А. Е. Люценко изилдеген. Атактуу адамдардын сөөгүн койгон 2 мүрзө байыркы заманда эле таланып алынган. Андан арабанын сыныктары, ортоңку казанакка жакын жерде аттын мүрзөсү, ал казанактын чарасында адамдын (балким, малайынын) ж-а 14 аттын скелети сакталып калган. Аттар алтын, күмүш чегерилген жүгөнү, ээри м-н көмүлгөн.

АЛЕКСЕЕВ Виктор Ильич (27. 8. 1914-ж. т.) — сов. спортсмен, жеңил атлетик, СССРдин спортко эмг. сиң. мастери (1942), СССРдин эмг. сиң. тренери (1965). А. Лесгафт атн. ин-ттун жог. тренерлик мектебин бүтүргөн (1937). Найза ыргытуу б-ча СССРдин чемпиону (1936, 1939, 1940, 1945, 1948). 1936-ж. «Зенит» ыктыярдуу спорт коомундагы балдар спортунун мектебин уюштурган ж-а аны башкарган. А-ден тарбияланган спортсмендердин ичинен дүйн. рекордсмендер ж-а олимпиада оюндарынын чемпиондору бар. Алар: Н. Смирницкая, Г. Зыбина, Т. Тышкевич, В. Трусенев, Т. ж-а И. Пресс. А. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛЕКСЕЕВ Петр Алексеевич [14(26). 1849—16(28).8. 1891] — орустун биринчи жумушчу-революционери. Москвадагы ж-а Петербургдагы токуу ф-каларында иштеген. 70-жылдардын башында рев-чыл народниктерге жакындашат. Жумушчулардын арасында пропаганда жүргүзүп, ад-ттарды таратат. Москвада «Бүткүл россиялык социал-революциялык уюм» деген наам м-н 1875-ж. түзүлгөн уюмдун активдүү мүчөсү. 1875-ж. 4(16)-апрелде камакка алынып, *«50 адам процесси»* б-ча соттолгон (1877). Сотто сүйлөгөн сөзүндө А. «...миллиондогон жумушчу калктын бул чуңдуу чың колдору көтөрүлүп, солдаттардын штыктары м-н коргогон турган деспотизмдин ярмосунун күлү сапырылырына» ишенгендигин билдирген. В. И. Ленин А-дин акыркы сөздөрүн: «...орустун улуу жумушчу-революционеринин пайгамбардык улуу сөзү...» — деп атаган болчу (Чыг., кырг. 1-бас., 4-т., 401-б.). А. 10 жылдык каторгага айдалган. 1891-ж. А-ди бандиттер өлтүрүп кеткен.

АЛЕКСЕЕВКА — Калинин р-нундагы Вознесенск сельсоветине караштуу кыштак. «Путь к коммунизму» к-зунун борбору. Р-ндун борбору Калининден 5 *км* бат. тарапта, Кара-Балта т. ж. станциясынан 6 км. Фрунзе—Ташкен шоссе жолунун боюнда. Калкы 5026 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АЛЕКСЕНКО Владимир Аврамович (27. 1. 1923-ж. т.) — авиациянын гв. лейтенанты, 1-класстагы аскердик учкуч, 2 жолу Сов. Союз. Баатыры (19. 4. ж-а 29. 6. 1945). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. 1941-жылдан Сов. Армияда; учкучтардын аскердик мектебин бүтүргөн (1942). Ленинград ж-а 3-Белорус фронтторуна катышып, душманга каршы 292 жолу учкан. Согуштан кийин Аскердик-аба академиясын — ж-а Генштабдын Аскердик академиясын бүтүргөн. Азыр Сов. Армияда жооптуу иште. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 1- ж-а 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, 2 Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛЕЛЮХИН Алексей Васильевич (30. 3. 1920-ж. т.) аскердик учкуч, полковник, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (24. 8; 1. 11. 1943). 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. 1938-жылдан Сов. Армияда. В. П. Чкалов атн. Аскер-аба мектебин бүткөн (1939). Улуу Ата Мек. согушта адегенде учкуч, кийин авиац. бөлүктөрдү башкарып, 9-гвард. аткычтар полкунун командирине орун басар. 600 согуштук учуш жасаган, 258 жолу абадагы салгылашууга катышып, душмандын 40тан ашык самолётун жок кылган. Согуштан кийин М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын бүткөн. 1969-жылдан бери Сов. Армияда жооптуу иште. 2 Ленин ордени, 3 Кызыл-Туу, 3-дараж. Суворов, Александр Невский, 2 Кызыл Жылдыз, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛЕМАННДАР — герман уруусу. Булар ж-дө 3-к-дын башталышында эле айтылат. Түшкү аталары семнондор ж-а свев тобундагы башка герман уруулары деп болжолдолот. 5-к-да азыркы кездеги Түш.-Бат. Германиянын аймагын, Эльзасты ж-а Чыг. Швейцарияны мекендешкен. 10-к-да Германия королдугунун составында Алемания же Швабия деген уруулук герцогдукту түзүп, немец элинин бир бөлүгү болуп калган.

АЛЕУТ АРАЛДАРЫ — Тынч океанынын түндүгүндөгү архипелаг (Алясканын түш.-батышында). А. а. Аляска штатына (АКШ) карайт, 110 аралдан турат. Түштүгүнөн Беринг дениз м-н курчалат. Аянты 37,8 миң *км*². Калкы 6011 (1960). Климаты субарктикалык, океандык. Кышы жылуу, нымдуу. Эң суук ай — февраль (орт. темп-расы —1,4°С). Жайы салкын (эң жылуу ай — август, орт. темп-расы 11,9°С). Жылдык жаан-чачыны 1500 *мм*. Субарктикалык шалбаа өсөт. А. а-н 18-к-дын орто ченинде орус деңиз саякатчылары ачкан. 1867-жылга чейин Россияга таандык болгон, кийин Аляска м-н бирге АКШга сатылган.

АЛЕУТ (УНАНГАН) ТИЛИ — АКШнын Алеут (5 миңге жакын адам, 1961) ж-а СССРдин Командор а-дарында жашаган алеуттардын тили. Эскимос-алеут тилдеринин тобуна кирет. А. т. уналашка, аткин ж-а аттуан диалектилерине бөлүнөт. Командор а-дарындагы алеуттар булардын кийинки эки диалектинде сүйлөшөт.

АЛЕУТТАР (өздөрүн унапган деп аташат) — Алеут а-дагы (АКШ) жерг. калк. 5 миң киши (1961) бар. 19-к-дан бери (400 гө жакын адамы, 1959) Командор а-дарында (СССР) жашайт. *Алеут тилинде* сүйлөшөт. Көп изилдөөчүлөрдүн пикири б-ча А. мындан 4 миң жыл илгери Аляскадагы өздөрүнө тектеш эскимостордон бөлүнүп келип, Алеут а-на отурукташат. 18-к-га чейин А. жыгач, таш, сөөк куралдарын пайдаланышып, деңиз жаныбарларына аңчылык кылышкан, мөмө теришкен. 19-к-дын башында орус мад-тынын таасири тийип, А. православие динине өтүшкөн. СССРде 1932-ж. Командор а-ында Алеут р-ну түзүлгөн. А. айбанаттар остүрүүчү с-здо эмгектенишет. АКШда капит. эзүүнүн шартында А-дын чарбасы м-н өз мад-ты аябай бузулду. А-дын көпчүлүгү комокчу жумушчу катары жалданып иштешет.

АЛЕХИН Александр Александрович [5(17). 1. 1892—3. 4. 1946] — орус шахматчысы, дүйнөнүн чемпиону (1927—35, 1937—46). 1921-жылдан Францияда жашаган. А. Д. Петров ж-а М. И. Чигорин түзгөн орус шахмат мектебинин окуучу. «Алехин коргонуусу» методун иштеп чыккан. Шахмат оюну б-ча бир нече эмгектин автору.

АЛЕЧ МӨҢГҮСҮ — Швейцария Альпысынын узундугу ж-а аянты б-ча эң чоң мөңгүсү. Аянты 115 *км*² (кээ бир маалымат б-ча 169 *км*²). Уз. 26,8 *км*, томонку чеги 1450 *м* бийиктикте. Бул мөңгүдөн чоң Алечхори, Юнгфрау ж. б. чокулар чыгып турат.

АЛЖИР — Алжир Элдик Демокр. Реси-касынын борбор шаары. Калкы 1,2 млн. (шаар айланасы м-н, 1972). Шаар Алжир булуңунун бат. жээгинде. Жер Ортолук деңизиндеги ири порт. Шоссе, т. ж. тоому, эл аралык маанидеги аэропорт бар. А.— өлкөнүн ири о. ж. ж-а маданий борбору. Айрыкча металл иштетүү, автомоб., а. ч. машиналарын куруу, химия, нефть иштетүү, цемент, кагаз, целлюлоза, текстиль ж-а тамак-аш (вино, май, тамеки, ун) о. ж-лары өнүккөн. Ун-т, улуттук китепкана, музейлер бар. А. 10-к-да курулган.

АЛЖИР (Алжир ш-нын аты м-н аталган. Ар. аль-Джезаир — арал), Алжир Элдик Демократиялык Республикасы.

Жалпы маалымат. А. Түн. Африкадагы мамлекет. Жер Ортолук деңизинин алабынын бат. бөлүгүндө. Батышынан Марокко, Бат. Сахара; түш.-батышынан Мавритания, Мали; түш.-чыгышынан Нигерия; чыгышынан Ливия ж-а Тунис мамлекеттери м-н чектешет. Аянты 2382 миң *км*². Калкы 15,3 млн. (1972). Борбору — Алжир. Админ. жагынан 15 вилайетке (1969-ж. мартка чейин — департамент), вилайет округга (91), округ коммунага (676) бөлүнөт.

Мамлекеттик түзүлүшү. 1962-ж. көз каранды эмес Алжир Элдик Демокр. Реси-касы түзүлгөндөн кийин Алжирдин мамл. ж-а коомдук негиздерин 1963-жылдагы конституция бекиткен. 1965-ж. 19-июнда 1963-жылдагы конституция жоюлду, бирок анда белгиленген коомдук ж-а мамл. түзүлүштүн негиздери анча өзгөртүлгөн эмес. 1965-жылдан бери мамл. бийликтин жог. органы болуп Рев-чыл совет (пред-ль ж-а 17 мүчөсү) эсептелет. Ал президентке ж-а Улуттук чо-



гулушка таандык болуп келген укуктарды жүзөго ашырат; о. эле ал Улуттук-боштондукка чыгаруучу фронт партиясынын жетекчилигинин жог. органы да болуп саналат. Рев-чыл совет Мин. советин түзөт. Рев-чыл совет ж-а Мин. совети закон чыгаруучу укукту ишке ашырат.

Табияты. А-дин терр-ясы негизинен тропиктик, түн. бөлүгү субтропиктик алкактарда жайгашкан. Түн. жээгин Жер Ортолук деңизи чулгап жатат. А-дин түндүгүн Атлас тоо системасы ээлейт. Мындагы кырка тоолордун арасы түзөң келет. Атлас тоо системасындагы Тель-Атлас ж-а Сахара Атласы сыяктуу бийик кырка тоолор ж-а Чоң Кабилия, Кичи Кабилия (бийикт. 1200 *м* гө чейин), Ходна, Орес (Шелия, 2328 *м*) өңдүү тоо массивдери А-ден орун алган. Дүйнө жүзүндөгү эң чоң чөл — Сахаранын борб. бөлүгүн Алжир Сахарасы ээлеп жатат. Өлкөнүн түш.-чыгышында Ахаггар тайпак тоолору, түштүгүндө Танезруфт таштуу чөлү жатат. Түн. Сахарада А-дин негизги байлыгы болгон нефть ж-а газ кени бар. Ал эми Атлас тоолору болсо темир, коргошун, фосфорит, сыман кендерине бай. Климаты түндүгүндө субтропиктик, жер ортолук деңиздик, январда орт. темп-ра жээктерде 12°С, тоо арасындагы түздүктөрдө 5°С, июлда 25°С. Абс. максимум темп-расы бардык жерде 40°тан жогору. Кургакчылык тез-тез болуп турат. Жаан-чачын көбүнчө ноябрь-янв. айларында жаайт. А-дик Сахаранын климаты кургак, жарым чөлдүү (июлдун орт. темп-расы 30°С, жылдык жаан-чачыны 200—400 *мм*). Сахаранын климаты чөлдүү (жылына 50 *мм* ден аз жаайт, кээ бир жылы жаан болбой да калат). А-де жыл бою соолбой агуучу суулар аз. Жамгырдан пайда болуп, кийин соолуп калуучу өзөндөр (уэддер) көп. Башкы өзөнү — Шелиф (уз. 700 *км*), калган уэддер 100 *км* ден ашпайт. А-дин түндүгүндөгү уэддерге плотиналар, суу сактагычтар ж-а ГЭС курулган. Туздуу көлдөр көп кездешет (Шотт-эш-Шерги, Шотт-эль-Ходна ж. б.). Сахара чөлүнүн, айрыкча түн. бөлүгүнүн астында суунун запасы мол. Түн. А. аймагынын топурагы кызыл коңур. Сахаранын топурагы шагыл-кумдуу. Жер Ортолук деңизинин жээги тарабында негизинен кургакка чыдамдуу токой, бадалдар өсөт. Тоолорун дайыма көгөрүп туруучу бадалдар, жаныз даректар (маквис),





Алжир порту.



Чөлдөгү көчмөн.

пробка дубдары м-н алеп кызыл карагай, арча м-н туя ж. б. каптап жатат. Ал эми түш. жагында чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү өсөт. А-де азыр арстан, кабылан, газел сыяктуу ири жаныбарлар ж-а төө куштар дээрлик жок. Мурда адамдар кырып жиберишкен. Маго маймылы, гиена, чөө, коёндор бар. Газел ж-а антилопа өтө сейрек учурайт. Кемирүүчүлөр, айрыкча кийик ж-а сойлоп жүрүүчүлөр (кескелдирик, эчки эмер, жыландын 20дан ашык түрү, таш бака ж. б.) көп.

Калкынын көбү — алжирликтер, алар бардык калктын 98%ин түзөт (1972). А-дин жерг. калкы араб тилинин алжир диалектинде сүйлөйт. Бербер тили көбүнчө өлкөнүн тоолуу р-ндорунун бербер калкында ж-а А. Сахарасынын кээ бир оазистеринде сакталган. Чоң шаарлардагы калктын арасында (0,4%) француз тили тараган. Дини б-ча — мусулман-сунниттер. Ири ш-лары: Алжир, Оран, Константина, Аннаба, Блида Сетиф ж. б.

Тарыхый очерки. Ар түрдүү маалыматтар б-ча А-дин терр-ясында адамдын жашашынан бери 300—400 миң жылдан 600 миң жылга чейинки мезгил өттү. Б. з. ч. 12-к-да А-дин жээктеринде байыркы ливия уруулары (азыркы берберлердин ата-бабалары) жашап турган мезгилде алгачкы финикия колониялары пайда болгон. Б. з. ч. 2-к-да А-ди римдиктер акырындап колониялай баштайт. 5-к-да А-дин терр-ясын вандалдар, 6-к-да византиялыктар басып алган. 7-к-да А. Араб халифатына караган. 16-к-дын 2-жарымында А. Осмон империясынын пашалыгы (провинциясы) болот. 1711-ж. түрк падышасы А-ден куулуп чыккандан кийин, А. иш жүзүндө көз каранды эмес мамлекет болуп калат. 1830-ж. июнда франц. аскерлер адегенде А-дин борбор шаарын, андан соң бүткүл терр-ясын басып алып, колонияга айландырган. А-дин калкы баскынчыларга катуу каршылык көрсөткөн. Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасири астында А-де улуттук-бошт. кыймылы күч алат. 1920-ж. А-де Француз компартиясынын секциясы түзүлү, ага алжирликтер да кирет. 1926-ж. Францияда А-дин көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн алжир жумушчуларынын «Түндүк африкалык жылдыз» деп аталган уюму пайда болот. 1936-ж. А. компартиясы (АКП) уюмдашуу жагынан калыптанат. 2-дүйн. (1939—45) согушта Франция жеңилгенден кийин (1940-ж. июнь), А. Германия м-н Италиянын сырьёлук базасына айландырылган. Англ.-амер. ж-а жерг. күчтөр А-дин терр-ясын бошоткондон кийин, 1943-ж. июнда А-де Франция улуттук-бошт. комитети түзүлүп, ал А-дин коомдук турмушун демократиялаштыруу б-ча кээ бир чараларды жүзөгө ашырган, бирок А-дин автономиялуулугу ж-дөгү талапты канааттандырган эмес. Согуштан кийин А-дин Францияга мурдагыдай эле колония болуп калышы алжир элинин наразылыгын күчөттү ж-а ал 1954-ж. 1-ноябрда башталган улуттук-демокр. рев-яга айланды. Ага улуттук-бошт. фронту (УБФ) башчылык кылган. УБФ 1955-жылдын сентябрынан тартып подпольеде иштеген. Алжир компартиясынан (АКП) ыштыктүү жардам алып турган. АКП түзгөн күжүрмөн отряддар 1954-ж. түзүлгөн Улуттук бошт. армиясына кошулган. 1956-ж. августта УБФтин конгресси болуп, ал А-дин жог. органын — Алжир рев-ясынын улуттук советин шайлаган ж-а Алжирдин улуттук көз каранды эместигине жетишүүнү, агрардык реформаны жүргүзүүнү, ири өндүрүш каражаттарын мамлекеттештирүүнү белгилеген программаны кабыл алган. 1958-ж. А. Респ-касынын Убактылуу өкмөтү түзүлгөн. 1961-ж. майда Франция м-н ал өкмөттүн ортосунда сүйлөшүүлөр башталып, алар ок атууларды токтотуу ж-дө, референдум жүргүзүү жолу м-н А-дин өз тагдырын өзү чечүүсү ж. б. ж-дө Эвиан келишимдерине (1962) мартта кол коюу м-н аяктаган. Ашынган колониячылардын 1961-ж. түзүлгөн террористтик куралдуу жашырын уюму бул келишимдердин орундалышын үзгүлтүккө учурата алган эмес. 1962-ж. 1-июлда өткөрүлгөн референдумдун жыйынтыгында алжирликтердин көпчүлүгү көз каранды эместикти жактап чыгышкан, аны француз өкмөтү да таанып. Көз каранды эместикти алгандан кийинки алгачкы айларда УБФтин лидерлеринин ыркы кетип, алардын айрымдары А. Респ-касынын Убактылуу өкмөтүн (булардын жетекчилеринин көбү «соц. принциптердин негизинде» А-де социалдык-экон. кайра курууларды ишке ашырууга каршы чыккан), кээ бирөөлөрү УБФтин 1962-ж. июлда түзүлгөн Саясий бюросун жакташкан, булар Генштабдын начальниги полковник Х. Бумедьен башында болгон УБФтин көпчүлүк бөлүгүнүн колдоосу м-н жеңишке жетишкен. 1962-ж. 25-сентябрда уюштуруу чогулуш Алжир Элдик Демокр. Респ-касын жарыялаган ж-а А. Бен Белла башында болгон өкмөттү бекиткен. Алжирдин улуттук өкмөтү биринчи кезекте жер-жерлердеги анархияны жок кылууга, мамл. аппаратты уюштурууга, жумушсуздукту, ачарчылыкты ж-а бүлгүнчүлүктү жоюуга аракеттенди. 1964-ж. апрелде УБФ партиясынын уюштуруу съезди Алжир хартиясын кабыл алды, бул хартия А-дин соц. жолду тандап алгандыгын ырастаган. Өкмөттүн соц. багыты УБФтин мурдагы жетекчилеринин бир бөлүгүнүн оппозициясына учурады. 1965-ж. 19-июнда биилик коргоо министри Х. Бумедьен башында болгон рев-чыл советке өттү, ал 1965-ж. июлда жаңы өкмөттү түздү. Бумедьендин өкмөтү А-дин экон. ж-а саясий көз каранды эместигин чыңдоо багытын уланта берди: чет өлкөлүк капиталга таандык шахталар, банктар, чет өлкөлүк нефть кампанияларынын акцияларынын 51%ти, нефтепромыселдер, газ ж. б. кен чыккан жерлердин бардыгы мамлекеттештирилди. 1971-ж. февралдан бери башкаруу ишине эмгекчилерди тартууга багытталган «социалисттик ишкананын хартиясы» жүзөгө ашырыла баштады. 1971-ж. ноябрда «агрардык революциянын» жүргүзүү ж-дө декрет кабыл алынды. 1972-жылдын ноябрына чейин 1 млн. *га* га жакын жер жерн жокторго ж-а аз жердүүлөргө берилди. А.— Араб өлкөлөр лигасынын ж-а Афр. биримдик уюмунун мүчөсү. А. өкмөтү империализмдин ж-а неоколониализмдин бардык формаларын айыптап, Израиль басып алган араб жерлерин бошотууну жактап, колониализмге ж-а расизмге каршы күрөшүп жаткан Африка элдерин колдоп, далай ирет чыккан. А. өкмөтүнүн саясаты соц. өлкөлөр м-н экон. ж. б. тыгыз байланыштарды колдоого багытталган.

Саясий партиялары, профсоюздары жана башка коомдук уюмдары. Улуттук-боштондук фронтунун партиясы А. элинин бардык катмарларынын улуттук көз каранды эместик үчүн куралдуу күрөшүнө жетекчилик кылуу максатында 1954-ж. ноябрда пайда болгон. 1962-жылдан бери — башкаруучу партия. УБФтин ишин А-дин жог. органы — Рев-чыл совет түздөн-түз багыттап турат. Алжирдин социалисттик авангард партиясы 1966-жылдын январында уюштурулган. А. эмгекчилеринин марксчыл-ленинчил партиясы. Алжир эмгекчилеринин жалпы союзу 1956-ж. түзүлгөн. Профсоюздардын бүткүл афр. федерациясына ж-а Араб профсоюздарынын эл аралык конфедерациясына кирет. 750—800 миңге жакын мүчөсү бар (1973). Улуттук-боштондук фронтунун жаштар уюму 1963-ж. түзүлгөн, 70—80 миңге жакын мүчөсү бар (1972). Алжир аялдарынын улуттук союзу 1963-ж. түзүлгөн, 96 миң мүчөсү бар (1974). Тынчтыкты жактоочулардын комитети, Африкалык-азиялык тилектештик комитети, «Алжир — СССР» достук коому (1971-ж. түзүлгөн) дагы бир катар уюмдар бар.

Экономика-географиялык очерки. А.— ө. ж. анча өнүкпөгөн агрардык өлкө. Анда асыресе тоо кендерин казып алуу жагы алга жылган. Африка мамлекеттеринин ичинен А. табигый



Тоолуу жерде жер айдоо.

газды өндүрүү б-ча биринчи, нефть казып алуу, буудай, арпа, олива майын чыгаруу б-ча экинчи, цитрус өсүмдүктөрүнүн мөмөсүн чогултууда 3-орунда турат. Алжир Элдик Демокр. Респ-касы көз каранды эместикти жеңип алгандан кийин өзүнүн улуттук экономикасын түзүүгө киришкен. 1962—68-ж. чет элдиктердин менчик жерлери ж-а көп ө. жайлар, соода, тоо-кен ишканалары, о. эле транспорттун негизги түрлөрү ж. б. мамлекеттештирилген. А. ч-сын индустриялаштыруу ж-а жаңылоо, артта калган р-ндорду өркүндөтүү б-ча 2 этаптан турган 7 жылдык план кабыл алган (1967—69, 1970—73). А. калкынын басымдуу бөлүгү а. ч-сында иштейт. А. ч.— экономикасынын башкы тармагы. Дыйканчылыктын мааниси бөтөнчө чоң, ал бардык а. ч. продукциясынын 3/4 бөлүгүн берет. Айдоо аянтынын көпчүлүк бөлүгүн (4/5) дан эгиндери: буудай, арпа, жүгөрү, шалы ээлейт. Эң маанилүү товардык өсүмдүгү — жүзүм, цитрус өсүмдүктөрү. Мал чарбачылыгы тоолуу ж-а чөлдүү р-ндорунда өнүккөн, бирок ал экстенсивдүү мүнөздө. 1972—73-ж. өлкөдө 950 миң бодо, 10,7 млн. кой-эчки болгон. А-де токой чарбасынын да чоң мааниси бар. Өзгөчө пробка дубунун чарб. ролу зор. А-де жылына 300—600 миң *ц* пробка сырьёсу (дүйнөдө 3-орунда) даярдалат. Сырьёнун негизги бөлүгү иштелип чыккан соң, экспортко жөнөтүлөт. Альфа чөбүн жыйноо ж-а иштетүүнүн да мааниси чоң. Альфа сырьёсу (А-де жыл сайын 90—100 миң *т* даярдалып, дүйнөдө 1-орунда турат) негизинен кагаздын, целлюлозанын мыкты сортторун чыгарууга жумшалат. Ө. ж-да башкы роль мамл. секторго таандык. Өлкөдө ө. ж. дүң продукциясынын 1/3ин тоо-кен ө. ж. ж-а энергетика берет. Булардын ичинен нефть ж-а газ өндүрүү алдыңкы орунда. Алар негизинен Сахаранын түн. ж-а чыг. р-ндорунда. 1972-ж. 52 млн. *т* нефть, 5,3 млрд. $м^3$ табигый газ өндүрүлгөн. Айрыкча тамак-аш ө. ж. жакшы өнүккөн (вино жасоо, консерва чыгаруу, ун тартуу, олива майын өндүрүү, тамеки). Токуу ж-а кийим тигүү, курулуш материалдарын чыгаруу б-ча ишканалар иштейт. Алжир ш-да жеңил ж-а жүк ташуучу машиналарды, Эль-Харраш-та тракторлорду курастыруучу з-ддор бар. Алжир, Оран, Аннаба ш-ларында химия ө. ж. өнүгүүдө. А. улуттук ө. ж-н өнүктүрүүдө Сов. Союзунан экон. ж-а илимий-тех. зор жардамдарды алып жатат. СССР А-ге ири суммадагы кредиттерди ж-а курулуп жаткан ө. ж. ишканалары үчүн жабдууларды берди, о. эле Бумердес ш-на нефть ж-а газ ин-тун уюштуруп, аны техникуму м-н кошо А. элине сый кылды. Өлкөнүн транспортунда т. ж. башкы роль ойнойт. Жалпы уз. 4,2 миң *км*. Шоссе жолдорунун уз. 37 миң *км* (1970). Түтүк тарнспорту да өнүккөн (нефть түтүгүнүн жалпы уз. 3,5 миң *км*, газ түтүгүнүкү 2,4 миң *км*). Сырткы соодасында деңиз транспортунун мааниси чоң. Порттору: Беджаия, Арзев, Алжир, Аннаба, Оран. Азыр аба транспорттору да тез өнүгүп жатат. Эл аралык маанидеги аэропорттору Алжир, Аннаба, Оран ш-ларына жакын жерде. Башкы экспорт товарлары: нефть, вино, жашылча ж-а жемиш, темир рудасы, тамеки, кагаз, импорттук товарлар, ө. ж. жабдуулары, тамак-аш продукциялары (эгин, сүт, эт), о. эле жеңил ө. ж. продукциялары ж-а металл. 1962—67-ж. А. м-н Сов. Союзунун ортосундагы товар жүгүртүү 4 эседен көбүрөөккө өскөн.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. 1967-ж. ар миң адамга эсептегенде, төрөлгөндөр 42,7, өлгөндөр 9,4 ж-а балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 86,3тү түзгөн. Адамдын орт. өмүрү 50 жаш.

Калктын 60%ке жакыны акысыз мед. жардам алат. 1965-ж. 42,7 миң койкалуу 146 мамл. оорукана, 3251 койкалуу карылар үйү болгон, б. а. орт. эсеп м-н миң кишиге 3,9 койка туура келет. 1966-ж. А-де 1421 врач иштеген. Врачтарды ун-ттин мед. ж-а фармакология ф-тети м-н анын Орандагы, Константинадагы бөлүмдөрүнүн мед. ф-теттери даярдайт.

Эл агартуу, илим жана илимий мекемелери. 1963-ж. А-дин элдик демокр. өкмөтү милдеттүү түрдө окуу ж-дө жарыя кылды. Окуу 6 жаштан башталат. 6 жылдык башталгыч мектепте француз ж-а араб тилдеринде окутулат. Орто мектеп катары эсептелген лицейлери окуу мөөнөтү 7 жыл болгон толук орто мектеп ж-а жалпы билим берүүчү колледждери (4 жылдык толук эмес орто мектеп) бар. Профтех. билим атайын колледждер м-н лицейлердин тех. бөлүмдөрүндө берилет. 1968—69-окуу жылында башталгыч мектептерде 1,5 млн., орто мектептерде 140 миңге жакын, профтех. окуу жайларында 40 миңден ашуун окуучу болгон. Жог. окуу жайлары — Алжир ун-ти (Константина м-н Оранда филиалдары бар), Улуттук политех. мектеп (Алжир ш-да) ж. б. СССРдин жардамы м-н тоо-кен ө. ж. ж-а оор индустриянын башка тармактары б-ча адистерди даярдоочу ин-т м-н техникумдар ачылган (Аннабадагы нефть ж-а газ ин-ту, техникуму, Бумердестеги текстиль техникуму, Эль-Харрашта жогорку вет. мектеп), 1968—69-окуу жылында вуздарда 10,6 миңден ашуун студент окуган. Алжир ш-да Улуттук китепкана, А-дин Улуттук музейи, Улуттук античный музей, этногр. музейи бар.

Басма сөз, радио уктуруу, теле көрсөтүү. А-де прогрессчил басма сөз 20-к-дын 30-ж-дарынын орто ченинде пайда болгон. 1974-ж. А-де 30га жакын газета ж-а журналдар чыккан. А-де күн сайын чыгуучу белгилүү газеталар: «Эль-Муджахид» («Күрөшчү») газетасы 1965-жылдан тартып француз тилинде, «Аш-Шааб» («Эл») газетасы 1962-жылдан бери араб тилинде, «Ля Репюблик» («Республика») газетасы 1963-жылдан француз тилинде, «Ан Наср» («Жеңиш», 1963) газетасы араб тилинде (1972-ж. чейин француз тилинде чыккан) чыгат. 1963-жылдан француз тилинде ар жумада чыгуучу «Революсьон африкэн» («Африка революциясы») журналы — УБФ партиясынын органы, о. эле «Эль-Муджахид» («Күрөшчү») журналы 1963-жылдан араб тилинде жума сайын чыгат. Бул дагы УБФ

Аннаба шаарына жакын жердеги Эль-Хаджар металлургиялык комбинаты (эритүү цехи).





Тимгад шаарынын кире беришиндеги Троян триумфалдык аркасы.

партиясынын органы. 1963-жылдан ай сайын француз ж-а араб тилинде чыгуучу журнал—«Эль-Джейш» («Армия»). Ал — А-дин Улуттук элдик армиясынын саясий башкармасынын органы. А-дин официалдуу информ. агентствосу — Альжери пресс сервис (АПС), 1962-ж. түзүлгөн. Мамл. радио уктуруу ж-а теле көрсөтүү кызматы — «Радио — телевизьон—алжерьен» 1962-ж. түзүлгөн. Алжир ш-дагы борб. радиостанция уктурууларды араб, кабил ж-а француз тилинде жүргүзөт. Теле борборлор Алжир, Оран, Константина ш-ларында жайгашкан, көрсөтүү араб ж-а француз тилдеринде бир гана программа м-н берилет.

Адабияты жана искусствосу. А-дин ад-ты араб, кабил, француз тилдеринде өнүгүүдө. Араб, кабил тилиндеги ад-т испандарга (16-к.) ж-а түрктөргө (16—18-к.) каршы күрөш мезгилинде пайда болгон. 19-к-да А. элдик оозеки чыг-лары өз улутунун калыптана баштоо процессин чагылдырган. Бул учурдагы Абд аль-Кадырдын поэзиясы, Саид Абдаллах м-н Эль Хаджа Мухаммед Баширдин элегиялары, Мухаммед Белькаирдин поэзиясы өзүнүн духу б-ча элдик поэзияга жакын турган. 20-к-да Абу аль-Якдан, Башир Брахими, Ларби ат-Тбесси, Мулуд аль-Хафиди, Тайеб аль-Укбилер агартуучулук багытындагы чыг-ларды жазышкан. Патриоттук лирика (өкүлдөрү: Мухаммед аль-Аид, Мухаммед аль-Лаккани, Ахмед Катиб, Мухаммед ас-Саид аз-Захири) өнүгөт. Француз колонизаторлоруна каршы сатиралар чыгарылат. 1928-ж. 1-жолу «Элдик диний поэзия казынасы» аттуу жыйнак араб тилинде жарык көргөн. Касталык көз карашты ж-а колон. эзүүнү айыптаган пьесалар, новеллалар пайда болгон. 1947-ж. Ахмед Рида-Хухунун аял мүдөөсүн коргогон «Мекке кызы» (1947) романы, Мустафа аль-Ашраф, Абдаллах Наклинин элдин келечеги үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшүн чагылдырган драмалары, Абу-аль-Касым Саадалланын «Алжир жеңсин!» деген ыр циклдери жазылган. Француз тилиндеги А. адабияты жетилүү жолунда (20-к-дын 20-жылдары) турмуштун майда-чүйдө көрүнүштөрүн жандап өтө алган эмес. 30-жылдары филос.-романтикалык изденүү жолуна түшүп, 2-дүйн. согуштун алдында ж-а кийин улуттук аң-сезимдин ойгонуу учурун көрсөткөн түрдүү жанрдагы чыг-лар пайда болот: Жан Амруштун «Кабиллаңын Бербер ырлары» (1939), «Өлбос Югурта» (1946), Ант Джафердин «Касбыдагы кембагал арабдардын ыры» (1951), Маргерит Таостун «Кара гиацинти» (1947) ж. б. А. ад-тынын жог. реалисттик деңгээли Мухаммед Дибдин «Алжир» трилогиясы, Мулуд Фераундун «Жер жана кан» (1953), «Татаал жол» чыг-ларынан көрүндү. 1962-ж. коз карандылыктан кутулган А-дин ад-тында жаңы доор башталат. Кийинки кездерде Нордин Тидафи, Ж. Сенак, Мессаур Булануар, Анна Греки, А. Креа, Каддур М., Хамсаджи ж. б. акын, жазуучулардын белгилүү чыг-лары жаралды.

А-дин аймагында неолит доорундагы таштын бетине тартылган сүрөттөр табылган. Жээкке жакын р-ндордо Финикия, Рим ж-а Византия мезгилиндеги шаарлардын урандылары сакталып калган. Ал жерден мифол. ж-а турмуш-тиричилик сценаларынын скульптуралык ж-а мозаикалык чыг-лары табылган. А-дин о. кылымдагы кууш, ийри көчөлүү шаарларына мечит, медиресе, мончо, дворец ж. б. салынган. 10-к-дын аягында Алжир, 12—13-к-дарда Тлемсен ш-лары курула баштайт. Шаардагы тургузулган үйлөр көбүнчө 2—3 кабаттуу, үстү жалпак болгон. 1930-жылдан тартып шаарларда көп кабаттуу үйлөр ж-а виллалар курула баштаган (франц. архит-лор П. А. Эмери, Б. Зерфюсс, Л. Микель ж. б.). А. боштондукка чыккандан кийин турак жай ж-а мектеп курулуштарына өзгөчө көңүл бурулат. 19-к-да ж-а 20-к-дын башында А-дин сүрөт өнөрүнүн башоочулары француз художниктери болушкан. 20-к-дын 20—30-жылдарында А-лик ага-ини Мухаммеддер ж-а Омар Расим, Темам Ранем сыяктуу сүрөтчүлөр иштеген. 1960-ж. А-де улуттук художниктер союзуна бириккен 60ка жакын сүрөтчү иштейт (Х. Бенанбур, Б. Иеллес, М. Бузид ж. б.). Алжир ш-да архитектура ж-а кооздоо өнөрү б-ча мектеп бар.

А-дин көчмөн ж-а отурукташкан урууларында элдик муз. өнөрү байыртадан бери эле жашап келген. Б. з. ч. 2-к-дан баштап байыркы грек, андан кийин рим, о. кылымда христиан музыкасынын таасиринде болгон. О. кылымда А-де жерг. муз. формалар жаралат. Алардын ичинен абдан белгилүүсү — нуба (сюитадагы ыр-н аспаптык номерлердин кезектешүүсү). 20-к-да классикалык традициялык ж-а элдик жанрлардын жакындашуусунун натыйжасында жеңил музыканын жанры — аль-джад жаралган. Анын көрүнүктүү өкүлү комп. ж-а аткаруучу Хадж Мухаммед аль-Анка болгон.

Араб тилинде 1-театр труппасы 20-к-дын 20-жылдарында пайда болгон. Труппаны актёр, драматург ж-а реж. Р. Ксентини негиздеген. Р. Ксентинин ишин Б. Махиддин уланткан. Улуттук демокр. рев-я (1954) башталганда, аның труппасынын актёрлору куралдуу көтөрүлүшкө катышкан. Алар аргасыздан өз Мекенинен чет элге кетишип, Алжир көркөм ансамблин түзүшкөн (Тунисте). А-дин өз алдынчалыгы жарыялангандан кийин (1962), актёр ж-а реж. М. Катебдин жетекчилиги м-н ошол ансамблдин негизинде Алжир улуттук театры түзүлгөн. А-дин ири театр труппалары 1969-ж. А-де болуп өткөн I Бүткүл афр. фестивалга катышкан.

А-дин кинематографиясы Улуттук-демокр. рев-я убагында (1954—62) пайда болгон. Бул учурда негизинен документтик ж-а агит. фильмдер түзүлгөн. 1962-жылдан кийин көркөм фильмдер чыгарыла баштады.

Алжир шаарынын көрүнүшү.



АЛКАК УБАКТЫСЫНЫН КАРТАСЫ



Советтик Чоң Энциклопедиянын материалы боюнча НРНЧ ГУГК февраль 1974 ж. түзүп даярдаган



Ад.: Энгельс Ф., Алжир, Маркс К. и Энгельс Ф., Собр. соч., 2 изд., т. 14; Новейшая история арабских стран, 1917—1968, М., 1968; Ланда Р. Г., Национально-освободительное движение в Алжире (1939—1962 гг.), М., 1962; Культура современного Алжира, Сб. ст., пер. с франц., М., 1961.

АЛЖИРДЕГИ УЛУТТУК-ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ 1954-ж. 1-ноябрга караган түнү өлкөнүн тоолуу бир катар райондорундагы кедейлердин которулушу м-н башталды. Рев-ялын чыгышына Алжирдеги колон. өзүү, алжир элинин көпчүлүгү м-н өлкодогу колонизаторлордун социалдык ж-а улуттук карама-каршылыктары себеп болду. Рев-я 2 этапта өттү: 1) 1954—62-жылдагы бошт. согушу; 2) 1962-жылдан кийинки көз каранды эмес Алжир мамлекетин калыпт. эмес негизде түзүү. Ал үчүн 1954-ж. улуттук-бошт. фронту (УБФ) түзүлдү. Ага негизинен Алжирдин улуттук бардык партиялары ж-а уюмдары кирди. Рев-яның негизги социалдык базасы дыйкандар болду. Өлкөнүн пролетариаты да рев-яга активдүү катышты. Алжирдин компартиясы (АКП) УБФти аскердик ж-а саясий жагынан колдоду. Алжир элинин кеңири катмары УБФтин күжүрмөн операцияларына ж. б. иштерине тартыпбай катышты. Алардын күрөшүн басуу үчүн Франция 1958-жылдан тартып Алжирде 800 миң солдатын, авиациясынын, согуш-деңиз флотунун $^1/_2$ болугун кармап турууга аргасыз болду; НАТО б-ча союздаштарынан финансы, согуштук-тех. жардам алып турду. Согуштун жүрүшүндө алжир эли 1,5 млн. адамынан ажырады, 2 млн. киши концлагерлерде ж-а түрмөлөрдө олтурып чыгышты, 0,5 млн-го жакын адамы чет жерлерге качууга мажбур болушту, миңдеген айыл-кыштагы талкаланды, бирок социализм өлкөлөрүнүн ж-а дүйнөлүк прогрессчил күчтөрүнүн колдоосуна таянган алжир эли акыры жеңип чыкты. 1962-ж. сентябрда Алжир Элдик Демокр. Респ-касы (АЭДР) жарыяланды ж-а анын өкмөтү түзүлдү. Ошентип, рев-я өзүнүн 2-этабына өттү. Анын убагында мурдагы антиколон. согуш антикапит. мүнөз алды. Бул мезгилде рев-яга активдүү катышкан алдыңкы жумушчулардын, интеллигенциянын ж-а жалпы эле массанын антикапит., демокр. умтулуулары УБФтин Триполи (1962-ж. июнь) программасында көрсөтүлдү, анда өлкөнү соц. принциптердин негизинде куруу, экономиканын негизги тармактарын мамлекеттештирүү, агрардык реформаны жүргүзүү белгиленди. 1962-ж. европ. колонисттер таштап качышкан ишканаларга ж-а фермаларга жетекчилик кылуу үчүн өзүн өзү башкаруу комитеттери түзүлдү. Ал АЭДР өкмөтүнүн 1963-ж. мартгагы декреттеринен кийин ботончо күчөдү. Аларга ылайык, адегенде жогоркудай ээсиз калган меңчиктер, 1963-ж. 1-октябрдан баштап Алжирдеги европ. колонисттердин бардык жерлери, 1964-ж. 1-октябрдан тартып колонизаторлор м-н кызматташ болушкан чыккынчылардын ж-а кызыл кулактардын жерлери мамлекеттештирилди. 1964-ж. апрелде УБФтин жаңы программасы (Алжир хартиясы) кабыл алынды. Анда эксплуатацияга, эксплуатациялоочу жеке меңчикке каршы күрөшүү зарылдыгы, «бийлик жумушчуларга ж-а дыйкандарга таандык» экени баса белгиленди. Алжирдин дыйкандары ж-а жумушчулары ушул программаны жүзөгө ашыруу үчүн күрөшүп жатышат.

АЛЖИР КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (АКП) 1936-ж. октябрда уюштуруу съездинде өз алдынча партия болуп түзүлгөн. 1920-жылдан 1936-жылга чейин Франциянын Компартиясынын составына кирип, Алжирде коммунисттик секция катары турган. 1955—56-ж. АКПнин чечими б-ча Алжирдин бир катар айылдары ж-а шаарларында «Эркиндик үчүн күрөшүүчүлөр» деген куралданган коммунисттик отряддар түзүлүп, алар 1956-ж. Улуттук-бошт. армиянын катарына киришкен. 1962-ж. апрелде АКП өзүнүн программасын жарыялап, Алжирде колон. ип-ттарды жоюп, көз каранды эмес демокр. мамлекет түзүүнүн зарылдыгын белгилеген. Бул программа б-ча АКП реформасын өткөрүүгө, өлкөнү индустриялаштырууга, негизги улуттук байлыкты мамлекеттештирүү маселелерине үндөгөн. АКПнин жетекчилери 1964-ж. апрелде Улуттук-бошт. фронт (УБФ) тарабынан кабыл алынган программа антиимпер. багыт болуп, УБФтин базасында өлкөнүн патриоттук ж-а революц.-демокр. күчтөрү биригип, Алжирди социализмге алып келиши керек дешкен. УБФке 1964—65-ж. алжирдик коммунисттердин көпчүлүк бөлүгү кабыл алынган. 1965-ж. 19-июндагы (к. *Алжир*, тарыхый очерк) окуялардан кийин алжирлик коммунисттер Алжирдин Соц. авангард партиясын түзүүнү жарыялаган.


А. Алиахунов.


Г. Алиев.

АЛИАХУНОВ Абдукадыр (1902—1970) — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Таширов атн. («Кызыл-Шарк») к-здун пахтачылык звеносунун башчысы, Соц. Эмг. Баатыры (1952). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Гражд. согуш жылдарында А. басмачыларга каршы күрөшкө катышкан, 1922—29-ж. А. партиялык, советтик ж-а чарбалык жооптуу кызматтарда иштеген. Айыл чарбасын коллективдештирүү ж-а чыңдоого активдүү катышкан. 1949-ж. Кара-Суу р-нундагы «Кызыл-Шарк» к-зуна мүчө болуп кирген. 1950-жылдан тартып пахтачылык звеносун башкарган. Алдыңкы тажрыйбаны, илим м-н техниканын жетишкендиктерин туура колдонуу м-н звено 1950-ж. 6 *га* аянттын ар гектарынан 72, 85 *ц* пахта алган. Ал Ленин ордени м-н сыйланган.

АЛИДАДА (ар. аль-идада—сызгыч)—оптикалык труба м-н бирге айлануучу астрон. ж-а геод. бурч өлчөгүч аспаптардын бөлүгү. Трубага салыштырганда аспаптын кыймылсыз тегерек бөлүгү лимб деп аталат да, градустарга бөлүнөт. Ал А-ның жардамы м-н окулат. Лимбанын бетиндеги шкаланы даана көрүү үчүн колдонулган микрометрди белгилүү орундарга бекитип же бошотуп турууга болот.

АЛИЕВ Гейдар Али Раза Оглы (10. 5. 1923-ж. т.) — сов. партиялык ж-а мамл. ишмер. 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. Жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Азерб. мамл. ун-тинин тарых ф-тетин бүтүргөн, 1941—49-ж. мамл. кооперативдик органдарында ж-а Нахичевань АССР Мин. Советинде жооптуу кызматта. 1950—64-ж. Азерб. ССРинин ички иштер мин-восунда ж-а Мин. Советинин алдындагы мамл. коопсуздук комитетинде жетекчи кызматта, 1964—67-ж. Азерб. ССР Мин. Советинин алдындагы мамл. коопсуздук комитетинин пред-линин орун басары, 1967-жылдан анын пред-ли. 1969-жылдын июлунан Азерб. КП БКнын бюро мүчөсү ж-а биринчи секретары. КПССтин 24-съездинен КПСС БКнын мүчөсү, 25-съездинен БКнын Саясий Бюросунун мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советинин 8—9-шайл. депутаты. Ленин ордени, Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛИЕВ Мидин (1928-ж. т., Кочкор р-ну, Кочкор кыш.)—сов. патофизиолог, мед. илимд. доктору (1964), проф. (1967). 1959-жылдан КПССтин мүчөсү. КММИнин бүткөрүү (1951), Москвадагы Ленин ордендүү 1-мед. ин-ттун алдындагы патологиялык физиол. кафедрасына аспирант болот. Кыргыз ССР ИАнын алдындагы Крайлык мед. (Бийик тоо физиол. ж-а эксперименттик патология) ин-тунун директору (1954—71). 1968-жылдан бери ошол эле ин-ттун физиол. ж-а патология лабораториясынын башчысы. Гипертониянын бийик тоо климатынын шартында пайда болушу, анын агымы, дарылыгы б-ча ил. из. иштерин жүргүзөт. Илимдин 11 кандидатын даярдаган. А. 70 тен ашуун ил. эмгектин, анын ичинде 3 монографиянын автору.

Чыг.: Высокогорье и больной организм, Фр., 1969.

АЛИЕВ Мирза Ага Али оглы (1883—25. 10. 1954) — азерб. актеру, СССР эл



О. Алиев.



Э. Алиев.

артисти (1949). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Сахнадагы ишмердиги 1906-ж. башталган. «Нижат» труппасында иштеген. «Гамлет» (1906) труппасын, Бакудагы сатиралык эркин агиттеатрды (1921) уюштурган актёрлордун бири. 1920-жылдан Азизбеков атн. (Баку) азерб. театрында иштеген. Аткарган белгилүү ролдору: Гаджи Кара, Вазир (М. Ф. Ахундов, «Гаджи Кара», «Ленкоран хандыгынын вазири»), Мешади (У. Гаджибеков, «Аршын мал алан»), Оддамди (Джабарлы, «От колуктусу») ж. б. А. киного да тартылган. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1943, 1948). 2 орден м-н сыйланган.

АЛИЕВ Осмонкул Эгембаевич (1903—1938) — партиялык ж-а мамл. ишмер. Азыркы Калинин р-нуна караштуу Чолок-Арык кыш-да дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1919-жылдан комсомолдун, 1925-жылдан КПССтин мүчөсү. Орус-тузем мектебин бүтүрүп (1916), Олуя-Атадагы (азыркы Жамбыл ш.) реальный училищеге кирген (1917). 1919—22-ж. Ташкендеги Казак-кыргыз агартуу ин-тунда окуп, ошол эле учурда комсомолдун Ташкен шаарком-унун бөлүм башчысы болуп турган. 1922—24-ж. комсомолдун Сыр-Дарыя областтык ж-а Олуя-Ата шаардык комитеттеринде уюштуруу бөлүмүнө башчылык кылган. 1924-ж. РКСМ Кыргыз обкомунун уюштуруу бюросунун секретарлыгына көтөрүлүп, кийин РКСМ Кыргыз обкомунун биринчи секретары, РКП(б) Кыргыз обкомунун секретары болуп иштеген. Ал — «Эркин Тоо» газетасынын (1924—26) ж-а «Коммунист» журналынын (1926) биринчи редактору. 1927—30-ж. Москвадагы Свердлов атн. Коммунисттик университетинде таалим алган. 1930—31-ж. Кыргыздын эл агартуу комиссары, 1932—33-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун секретары, 1934—35-ж. ВКП(б) БКнын О. Азия бюросунун а. ч. бөлүм башчысынын орун басары, 1935—36-ж. ВКП(б) Ош крайкомунун биринчи секретары болгон. 1937-ж. Кырг-ндын эл агартуу комиссарлыгына кайрадан дайындалган.

АЛИЕВ Эргеш (1905-ж. т., Ош обл., Ленин р-ну, Сакалды кыш.) — Кыргызда Совет бийлигин чындоого активдүү катышкандардын бири; милициянын ген.-майору. 1931-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей дыйкан үй-бүлөсүнөн. 1927-ж. Кызыл Армияга чакырылып, Кыргыз атчандар дивизионунда кызмат кылган. Кийин милициянын Базар-Коргон, Токмок райболумдөрүнө начальник болуп, кулактарды тап катары жоюу, элдик бийликтин душмандары м-н күрөшүү ишине активдүү катышкан. 1934—41-ж. милициянын Алай-Гүлчө р-ндук, Ош шаардык бөлүмүнүн начальниги, милициянын Тянь-Шань обл. башкармасынын начальнигине орун басар. Согуш жылдары Ички иштер эл комиссариатынын 107-атчандар дивизиясынын бөлүмүнүн начальниги, милициянын Ош обл. башкармасынын начальнигинин орун басары. 1943—47-ж. милициянын Жалал-Абад обл. башкармасынын начальнигине орун басар. СССР ички иштер мин-восунун Москвадагы жог. мектебинде бир жыл окуп келгенден кийин (1948), респ-канын Ички иштер мин-восунун милиция башкармасынын начальнигине орун басар, милициянын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Талас обл. башкармасынын начальнигинин орун басары. 1956—59-ж. милициянын Жалал-Абад обл. башкармасынын начальниги, милициянын Ош обл. башкармасынын начальнигине орун басар, 1968-ж. отставкага чыккан. Ленин ордени, Кызыл Туу, 3 Кызыл Жылдыз, 2 «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛИЗАРИН — орг. боёгуч зат, кызгылт сары кристаллдар. Эрүү t 289°С. Ысык метил спиртинде, уксус к-тасында, бензолдо, жегич эритмелеринде жакшы эрийт. 1826-ж. франц. химиктер П. Робике, Ж. Колен А-ди марена өсүмдүгүнүн тамырынан бөлүп алган. 1869-ж. немец химиктери К. Гребе ж-а К. Т. Либерман А-дин түзүлүшүн аныктап, 1-жолу синтездеген. Азыр антрахинондон синтездеп алынат, коп валенттүү металлдар м-н түстүү туздарды пайда кылат. Алюминий м-н ачык кызгылт, темир м-н кызгылт көк, хром м-н күрөң түстөгү бирикмелерди берет. А. баалуу боёкторду даярдоодо, аналит. химияда колдонулат.

АЛИМБАЕВ Пахриддин (1892-ж. т.) — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы «Кызыл-Кыя» с-зунун тамекичилик звеносунун звеновою. Соц. Эмг. Баатыры (1950). Улуу Ата Мек. согушка катышкан. А. башкарган звено 1949-ж. 3,4 *га* тамекинин ар гектарынан 18,8 *ц* түшүм алган. А. Кыргыз ССР Жог. Советинин 3-шайл. депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

АЛИМЕНТАРДЫК АНЕМИЯ (Anaemia alimentaris) — малдын кан жаратуучу органдарынын бузулушунан чыккан дарт. А. а. м-н айрыкча жаш төл ылаңдайт. Бул дарт малдын организминде темирдин жетишсиздигинен пайда болот. Малды карацгы, булганч, ысык короо-жайларда багуу ылаңды өөрчүтөт. Дартка чалдыккан төлдүн көзү киртийип, оозу кубарып, демигип, бат чарчайт. Дары катарында темир, жез, кобальт препараттары колдонулат. Төл белок, витамин, минерал заттары ж-а микроэлементтери мол тоют м-н кошумча тоюттандырылып, короо-жайлар зоогигиена талаптарына ылайык болууга тийиш.

АЛИМЕНТАЦИЯ (лат. alimentum — тамак, багуу) — Байыркы Римдеги ата-энеси жарды балдарга ж-а жетимдерге берилүүчү мамл. жардам системасы (18 жашка чейинки балдарга бир айлык субсидия 16 сестерций, 14 жашка чейинки кыздарга 12 сестерцийди түзгөн). А-ны имп. Нерва киргизген (96—98-ж.), болжол м-н 3-кылдын ортосуна чейин колдонулуп келген. А. фонду майда ж-а орто жер эелерине мамлекет тарабынан берилген карыз акчанын процентинен куралган. А-лык фондулар адегенде Италияда, кийин провинциялык шаарлардын муниципалдык советтеринде түзүлө баштайт. Бай адамдардын кайыр-садагасына жыйналган А-лык жеке фондулар да болгон.

АЛИМЕНТТЕР — закон б-ча үй-бүлөнүн бир мүчөсүнөн алынып, экинчи бир мүчөсүнө берилип туруучу каржаттар. А. алуучу ж-а төлөөчү жактар төлөө өлчөмү м-н мөөнөтү сот закондо так көрсөтүлгөн. А. ныке негизинде жубайлардын биринен экинчисине, туугандык негизде ата-энелерден (асырап алуучулардан) балдардын пайдасына же балдардан ата-энелердин пайдасына өндүрүлүшү мүмкүн. А. төлөөчү 18ге жашы жете элек балдары үчүн бардык эмгек акысынын төрттөн бири — бир бала, үчтөн бири — эки бала, жарымын — үч жандан коп бала үчүн төлөөгө милдеттүү. Эгер А. төлөөчүнүн эмгек акысы өзгөрүлүп турса же кирешесинин бир бөлүгүн натуралай алса ж-а А-ди улуштоп өндүрүүгө мүмкүн болбосо, А. талап кылган адамдын өтүнүч-ча, ай сайын төлонүүгө тиешелүү болгон акчанын суммасы так аныктлууга тийиш. Алимент иштери ата-эне м-н неберелердин, эже-сиңдилердин, өгөй ата-эне м-н өгөй балдардын, о. эле асыроочу м-н асыранды балдардын ортосунда да пайда болушу мүмкүн. Ата-энелик укуктан ажыратылгандар өз балдарынан багууну талап кылуу укугунан да ажырайт. А-ден бошотуу же аны азайтуу маселеси соттун чечими б-ча гана жүргүзүлөт. А. өз эркн м-н төлөнбөсө, сот аркылуу төлөттүрүүгө мажбур кылынат.

АЛИМЖАН Хамид (12. 12. 1909—3. 7. 1944) — советтик өзбек акыны, публицист, сынчы. 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. Өзбек ССР ИАга мүчө-корр. (1943). Самаркандагы өзбек пед. академиясында окуган (1928—31). Адегачкы «Көктөм» аттуу ырлар жыйнагы 1926-ж. жарыяланат. А. өзбек совет поэзиясына жаңы формалар киргизген. Акындын чыныгы таланты ж-а соц. реализмдин методун өздөштүрүү жолунда баратканы «Зымырык» (1939), «Айгүл менен Бахтияр» (1938), «Олко» (1939), «Бакыт» (1940), «Роксананын көз жашы» (1944) деген поэмалары, «Муканна» аттуу тарыхый драмасы (1942—43) ж. б. чыгармаларынан таасын көрүнгөн. Ал дүйн. ж-а орус поэзиясынын мыкты үлгүлөрүн өзбек тилине которгон, бир катар ил.-сын макалалар жазган А-дын айрым чыг-ларын кыргыз тилине которулган («Зайнаб менен Аман», Фр., 1956; «Зымырык», Фр., 1954).

Ад.: Алимов С., Хамид Алимжан, Таш., 1955.

АЛИМЖАНОВ Ануар Турлыбек улы (1930-ж. т.) — казак совет жазуучусу. 1953-жылдан КПССтин мүчөсү. Орусча жазат. Казак мамл. ун-тинин журналистика ф-тетин бүтүргөн (1954). Алгачкы аңгеме, очерк, публ. макалалары 1952-жылдан баштап жарыкка чыгат. А.— «Ак дос, сары дос, кара дос» (1958), «Достор жолугушканда» (1959), «Суу менен. кургак менен элүү миң миль» (1962), «Жалындан турган пайза» (1965), «Махамбеттин жебеси» (1969) ж. б. китептердин автору. А-го «Күнгө бөт алган көрбөн», «Көгүлтүр тоолор» аттуу китептери үчүн Казак ССР Мамл. сыйл. (1965, 1967), «Отрар сувенири» повести. Индия ж-дөгү ж. б. чыг-лары үчүн Джаваxарлал Неру атн. сыйлык берилген (1969). А-дун чыг-лары СССР ж-а Азия, Африка, Европа элдеринин тилдерине которулган. А. Каз-н ЖСтин башкармасынын биринчи секретары (1971), Казак ССР Жог. Советинин (8-шайл.) депутаты.

АЛИМОВ Олег Дмитриевич (1923-ж. т., Новосибирск ш.) — сов. илимпоз, тоокен машиналарын түзүү ж-а өркүндөтүү б-ча адис, тех. илимд. доктору (1959), проф. (1961). Кыргыз ССР ИАга мүчө-корр. (1965), акад. (1974). 1951-жылдан КПССтин мүчөсү. Томск политех. ин-тун бүтүргөн (1949). Ошол эле ин-тта окутуучу, кафедра башчысы (1953), Кыргыз ССР ИАнын Тоо тектеринин физикасы ж-а механикасы ин-тунда лаборатория башчысы (1965), директор (1966) болуп иштейт. Кыргыз ССР ИАнын Автоматика ин-тунун бөлүм башчысы (1970). Кыргыз ССР ИАнын окумуштуу секретары (1974). Негизги илм. эмгектери тоо тектеринде бургулоо үчүн өндүрүмдүү машиналарды түзүүгө ж-а өткөөл жумуштарын механикалаштырууга багытталган. Бул тармакта 172 ил. эмгеги жарыяланды. Жаңы машиналарды түзүү б-ча ойлоп чыгарган 20 эмгегине автордук күбөлүк берилген. А. Ленин ордени, ВДНХнын Алтын медалы ж-а III, II, I дараж. «Шахтёрдук даңк» значоктору м-н сыйланган.

Чыг.: Конструктивные схемы бурильных машин, Фр., 1973.

АЛИМОВ Салн (1900-ж. т.) — Ош облнын Сузак р-нундагы Киров атн. к-здун пред-ли (1945). Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. А. 1930-ж. колхозго киргенден кийин, пахта бригадасынын звеновою болуп иштейт. Ал жетекчилик кылган колхоз 1955-ж. 935 *га* жердин ар гектарынан 30,97 *ц* дең пахта алып, мал чарба азык-түлүгүн мамлекетке сатуу планын ашык аткарган. Колхоз 1956-ж. да ушундай эле мыкты көрсөткүчтөргө жетишкен. А. Кыргыз ССР Жог. Советинин 1—2- ж-а 4-шайл. депутаты, Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЛИ-НАЗАРОВ Садык (1914-ж. т.) — Сов. Союзунун Баатыры (1943). Улуту өзбек. Сов. Армияга чакырылганча (1942), Фрунзедеги эт комбинатында жумушчу болуп иштеген. Ата Мек. согушка 280-аткычтар дивизиясындагы 103-аткычтар полкунун катардагы жоокери болуп катышкан. 1943-ж. 24-сентябрда түн жамынын Днепрден өткөн десанттын ичинде А.-Н. да бар эле. Дарыянын оң жээгине отуп алып, плацдарм курган сов. жоокерлер тобу бир түндө душмандын 12 контрчабуулунун мизин кайтарган. Ошондогу эрдиги үчүн А.-Н. Сов. Союзунун Баатыры наамына арыган. Азыр А.-Н.— пенсионер, Фрунзе ш-да турат.

АЛИППЕ — окууга, жазууга үйрөтүүчү ж-а сөз байлыгын көбөйтүп, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү окуу куралы. Сабаттуулукка үйрөтүү түрдүү метод м-н (тыбыш, муун, «бүтүндөй сөз методу» б-ча) ишке ашырылып, А. ошого ылайык түзүлөт. Кыргыздын туңгуч А-си реформаланган араб алфавитинде 1924-ж. Э. Арабаев тарабынан «Кыргыз алипбеси» деген ат-м-н Ташкенде басылып чыккан. 1962-жылдан бери Б. Рысбекова м-н С. Турусбековдун 1-класс үчүн А-си окулуп келе жатат.

АЛИФАТИКАЛЫК БИРИКМЕЛЕР, к. *Ациклдуу бирикмелер.*

АЛИХАНОВ Абрам Исаакович (1904-ж. т.) — сов. физик, СССР ИАнын акад. (1943), Соц. Эмг. Баатыры (1954). 1929-ж. Ленинградагы политех. ин-ту бүткөн. 1927—41-ж. СССР ИАнын Физ.-тех. ин-тунда иштеген. 1945—68-ж. Теплотех. лабораториянын (1957-жылдан СССР ИАнын Теориялык ж-а экспериментал-дык ин-ту) директору. 1934-ж. радиоактивдүүлүк ж-а радиоактивдүү нурлануунуу изилдей баштаган. 1934-ж. А. И. Алиханьян (А. И. Алихановдун бир тууган иниси) ж-а М. Е. Козодаев м-н бирге дүүлүккөн ядродон электрон-позитрон түгөйлөрүнүн чыгуу кубулушун изилдеген. 1935-ж. А. И. Алиханьян м-н бирге β-спектрлердин элементтердин атомдук номерлерине көз карандылыгын белгилеген. 1936-ж. А. И. Алиханьян ж-а С. Никитин м-н бирге позитрон м-н терс зарядду электрон коншулганда, импульстун сакталуу законунун тууралыгын эксперименттө далилдеген. 1939-ж. дагы эле ошолор м-н бирдикте космос нурларына изилдөө жүргүзүп, тез протондордун агымын ачкан. А. 2 жолу Ленин ордени ж-а Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

АЛИЦИКЛДУУ БИРИКМЕЛЕР — молекуласында көмүртек атомдорунан турган циклдери бар орг. бирикмелер. Ароматтык бирикмелерде да көмүртек атомдору туюк цикл түзүп турат. Бирок касиеттеринде чоң айырма бардыктан, алар орг. бирикмелердин өзүнчө бир классын түзөт. А. б. циклдеринин санына ж-а алардын жайланышына жараша өз ара моно-, би-, три- ж-а полициклдүү болуп бөлүнөт. Циклдериндеги көмүртектин атомдорунун санына, көмүртек атомдорунун ортосундагы жөнөкөй ж-а кош байланыштардын болушуна, функциялык топторго карата да айырмаланат. Мис., циклопропандын циклинде 3, циклопентанда 5, циклогександа 6 атом көмүртек болот. А. б. түрдүү орг. заттардын составында (нефтиде, эфир майларында д. у. с.) кездешет. А. б. инсектициддер катарында ж-а жасалма булаларды чыгарууда колдонулат.

АЛЧУР КЫРКА ТООЛОРУ, 1) Түш. Алчур (Базардара) — мамл. чек арадан Ляпгар-Кутан аттуусуна чейин созулуп жаткан Памирдеги кырка тоо. Уз. 150 *км*. Бийикт. 5580 *м* ге чейин. Палеозой заманындагы аки таш теги ж-а сланец тоо тектеринен турат. Түш. капталы Мургаб суусунун өрөөнүн көздөй тик; кууш өрөөндөрү коп. Түш. капталы айдөөш жылга, капчыгайлары аз. Тоолордун чокуларын, бийик өрөөндөрүн мөңгү каптап жатат. Мөңгүнүн аянты Рушан кырка тоосун кошо эсептегенде, 984 *км*². 2) Түш. Алчур — Түш. Памирде-



П. Алимбаев.



О. Д. Алимов.



С. Алимов.



С. Али-Назаров.

ги (Тажик ССРи) кырка тоо. Уз. 150 *км* ге жакын, бийикт. 5706 *м* ге чейин. *Кембрийге чейинки мезгилдин* гранит, гнейс ж-а кристаллдуу сланец тоо тектеринен түзүлгөн, канталдары тик, бийик тоолуу чөл өсүмдүктөрү осот.

АЛКАК ПРОКАТТООЧУ СТАН—прокаттоо жолу м-н алкак түрүндөгү металл буюмдарын даярдоочу стан. А. п. с. вагондун дөңгөлокторун, томолоңун сүрүлүүчү подшипниктердин (жөлөктөрдүн) шакектерин даярдоого колдонулат. Анын негизги бөлүктөрү жог. темп-рага чыдамдуу жумуру ж-а ар түрдүү формадагы валдардан турат. Алкактардын ички ж-а сырткы беттерин иштете турган 2 валдуу, сырткы беттерин толук иштете ала турган 4 валдуу стандар бар. А. п. с-да валдардан башка алкакты аспапка түздөн карман туруучу 2—4 ролик болот.

АЛКАК УБАКЫТЫ — Жер шарынын бардык бетин меридиандар б-ча 24 саатка (узундук б-ча ар бир 15°тан кийин) бөлүп, убакытты эсептөө системасы. Алкактар батыштан чыгышты карай Гринвич обсерваториясын (Англия) басып өткөн меридиандан баштап эсептелет (к. карта). Бир алкактын ичинде жаткан бардык жерлердеги убакыт бирдей деп алынат. Түрдүү алкактарда жайлашкан жерлерде А. у. бүтүн сандагы саатка, ал эми көшүлаш жаткан алкактарда 1 саатка айырмаланат. Бардык алкактарда убакыттын ар бир моментинде минутаны ж-а секунданы көрсөткөн сандар дал келишет, саатты көрсөткөн сандар алкактардын номерине жараша айырмаланат. Жер үстүндө А. у-нын чектерин мамл. ж-а админ. чек ара, темир жол, дарыя, тоо кыркалары аркылуу бөлүү ыңгайлуу. А. у. 1-жолу 1883-ж. АКШда, ал эми СССРдин терр-ясында 1919-жылдын 1-июлунан баштап кабыл алынган.

АЛКАКТУУЛУК (өсүмдүктөрдө) — климат, топурак ж-а жер бетинин өзгөчөлүгүнө жараша тоо этегинен чокусуна чейин өзгөрүп жайгашкан өсүмдүктөр коомдоштугунун тилкелери. Өсүмдүктөрдүн түрлөрү тоолуу жерлерде А. б-ча жайгашат. Түздүктөн тоонун чокусун көздөй жогорулаган сайын жылуулук азайып, суук боло баштайт. Кырг-нда өсүмдүктөрдүн төмөндөгүдөй А-тары бар: бетеге-шибактуу чөл сымал адырлар (деңиз деңг. 800—1700 *м*), бетеге-кодоо чөптүү бөксө тоолор (деңиз деңг. 1500—2000 *м*), токойлуу, шибердүү тоолор (деңиз деңг. 1800—2900 *м*), жаналак арчалуу жайлоолор (деңиз деңг. 2600—3300 *м*), кыска чөптүү төрлөр, кумайлар (деңиз деңг. 3100—4100 *м*) ж-а моңгулүү зоо (деңиз деңг. 4000—7000 *м*). Бул көрсөтүлгөн А. тоолордун шартына жараша өөдөлөп же төмөндөп өзгөрөт. Мис., Кырг-ндын климаты ысык келген түш. р-ндорунда ж-а күңгөйлүү беттеринде А. 100—300 *м* өөдөлөсө, ал бийик тоолуу суук р-ндорунда ж-а тескейлеринде ошончо төмөн. Кээде өсүмдүктөрдүн А-суз жайгашкан учуру болот. Аларга көбүнчө өлөң чөптүү саздар, бадалдуу токойлор кирет.

АЛКАЛИМЕТРИЯ (лат. alcali — жегич, *...метрия)* — жегичтердин сан жагынан аныктоо методу, к. *Нейтралдоо.*

АЛКАЛОИДДЕР—өсүмдүктөрдөн алынуучу азоту бар негиздик касиетке ээ болгон орг. бирикмелер. 1-жолу 1806-ж. апийимден алколоиддик морфин бөлүнүп алынган. Андан кийин стрихнин, хинин, кофеин, атропин, эфедрин ж. б. табылган. Азыркы убакта 1000ден ашык табигый ж-а синтет. А. белгилүү. А.— физиол. активдүү заттар. Көпчүлүгү түссүз кристаллдар, кислоталар м-н туздарды пайда кылат. Жеңекей А-дин 10го чейин, татаалдарынын 50дөн ашык көмүртек атому болот. Мындан тышкары А-дин составына суутек, азот, кычкылтек атомдору да кирет. А-дин түзүлүшүн үйрөнүүдө химиктер чоң ийгиликтерге жетишишти. Мис., өтө татаал түзүлүштөгү *морфин, стрихнин, резерпин* ж. б. заттардын структуралары аныкталды. А-дин көпчүлүгү — баалуу дары-дармек ж-а уу заттар. Алар белгилүү органдарга гана, мис., нерв системасынын бөлүктөрүнө, кан тамырларга, булчуңдарга ж. б-га таасир этет. Стрихнин, кофеин борб. нерв системасын дүүлүктүрөт, ал эми морфин, скополамин аны тынчтандырат, апоморфин жүрөк айлантып кусturат, адреналин кандын басымын жогорулатат. А. ж-а алардан алынган бирикмелер медицинада, а. ч-да кенен колдонулат.

АЛКАЛОИДДУУ ӨСҮМДҮКТӨР — составында азоттуу орг. бирикмелери — алкалоиддери бар өсүмдүктөр. А. ө. дүйнөгө кеңири таралган, климаты жылуу ж-а ысык р-ндордо көп учурайт. Дүйнөдө 1200гө жакын түрү бар. Кырг-нда ит сийгек, апийим, чеканде, чай чөп, сарымсак ж. б. А. ө. бар. Алар негизинен дары-дармек жасоо үчүн колдонулат.

АЛКИВИАД (б. з. ч. 450—404-ж. жакын) — байыркы Афинынын саясий ж-а аскер ишмери. Ак сөөктүн үйбүлөсүндө туулган. Б. з. ч. 415-ж. Сицилияны жеңип алуу үчүн аскердик экспедиция уюштуруп, аны башкарган. Жолдо динди маскаралады деп айыптalып, сотко чакырылганда, Спартага качып барып, Афиныга карыш согуш жүргүзүүнүн планын сунуш кылган. Афины аскерлери бир топ жеңилишке учурагандан кийин, залимдиги байкалган. А. качып жүрүп, акыры Персияга келип, спарталыктардын талабы б-ча өлтүрүлөт.

АЛКИЛДОО — бир валенттүү углеводород радикалдарын (алкил тобун) орг. бирикмелердеги суутектин атомдору м-н орун алмаштыруу реакциясы.

АЛКОГОЛЯТТАР ЖАНА ФЕНОЛЯТТАР — туз сыяктуу орг. бирикмелер; алар, спирттердин ж-а фенолдордун гидроксил тобундагы суутегинин атому металлдар м-н орун алмашканда пайда болот. Алкоголяттар жегич жер металлдарды ж-а алюминийди суусуз спирттерде эритүүдөн алынат: $2C_2H_5OH+2Na \rightarrow 2C_2H_5ONa+H_2$. Фенолляттар жегичтердин суудагы эритмеси м-н фенолдордун аракеттенишинен пайда болот: $C_6H_5OH+NaOH \rightleftarrows C_6H_5ONa+H_2O$.

А. ж. ф. ар түрдүү орг. бирикмелерди синтездөөдө колдонулат.

АЛКЫМ — Ысык-Көл обл-ның Жети-Өгүз р-ндагы Ырдык сельсоветине караштуу кыштак. «Дружба» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Покровкадан 28 *км* чыг. таранта, Рыбачье т. ж. станциясынан 210 *км*. Калкы 742 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АЛКЫМ БЕЗДЕРИ — жог. дем алуу жолдорунун былжырлуу катмарына топтолгон лимфалык ири бездер: таңдай, алкым, тил ж-а кулак м-н алкымды туташтырып турчу түтүк бездери. Алар алкымды курчап турган дыктан, «алкымдын лимфаденоиддик шакеги» деп аталат. А. б-н 1-жолу орус окумуштуусу Н. И. Пирогов сыпаттап жазып чыккан. Алкымдын лимфаденоиддик шакекчесине ооз кулкундун арткы капталынын былжырлуу чел кабыгында топ-тобу м-н жайланышкан лимфаденоиддик ткандар, о. эле алкымдын былжырлуу чел кабыгында бирин-серин болуп, сейрек жаткан лимфа бездери да кирет.

АЛЛАНТОИС (гр. Allantoeides — чучук сымал) — жог. омурткалуу жаныбарлардын түйүлдүк чели. А. эмбриондук дем алуу органынын ж-а болүнүп чыгуучу заттар чогулуучу жайдын кызматын аткарат. А. сойлоп жүрүүчүлөрдө, канаттууларда ж-а сүт эмүүчүлөрдө болот. А. түйүлдүктүн арткы ичегисинен баштыкча түрүндө өсүп чыгып, аминон сары баштыкча м-н бирге түйүлдүктү курчайт. А-тун беттеринде кан тамыр торлору пайда болуп, ал түйүлдүк м-н сырткы чөйрөнүн газ алмашуусун жөнгө салат. А. жоголуп бара жаткан сары баштыкча м-н бирге тонго бириктирүүчү кан тамырлары бар киндиктин боосун пайда кылат.

АЛЛЕГОРИЯ (гр. allegoria — каймана) — турмуштун ар кандай көрүнүштөрүн каймана мааниде баяндаган троптун татаал түрлөрүнүн бири. Айрым түшүнүктөр, идеялар белгилүү бир конкреттүү образ аркылуу каймана мааниде түшүндүрүлөт. Кыргыздын элдик оозеки көркөм чыг-ларында А. символдон айырмаланып, конкреттүү бир гана мааниге ээ. Куу, амалкөйлүк түлкүнүн, ач көздүк карышкырдын, жырткычтык арстандын, жоош, момундук койдун, ак көө, додойлук эшектин, тунук сүйүү жүректүн, кыз гүлдүн, жигит булбулдун, бири бирине жете албай жүргөн ашык жарлар күкүк м-н зейнептин элестери аркылуу берилет. Азыр тынчтыкты сактоонун туруктуу каймана мааниндеги образы (символу) — ак кептер. Дүйн. ад-ттын тарыхында белгилүү классик акындар өз чыг-ларында (мис., Данте «Ажайып комедия», Абдрахман Жами «Саламан менен Абсал» поэмаларында) А-лык образдарды түзгөндүктөрү белгилүү. Т. Сыдыкбеков «Төмир» романында ак көңүлдүк м-н кара жоргомуштун образын А-лык мааниде колдонгон. Жазуучулар кээде чыг-ларындагы каармандардын аттарын да А-лык мааниде (мис., Тарпаңбай, Коңгаргаев ж. б.) колдонушу мүмкүн.

Ад.: Лосев А. Ф., Шестаков В. П., История эстетических категорий, М., 1965, с. 237—57.

АЛЛЕГРО (итал. allegro — көңүлдүү) — 1) музыкадагы ылдам темп, ошол темпте аткарылуучу муз. пьеса же анын бөлүгү; симфония, квартет, сонаталардын көбүнчө 1-(кээде 4-ж. б.) бөлүктөрү; 2) классикалык бийде па де дё, па де труа ж. б. ылдам аткарылган бөлүгү же актынын эң көп катышкан корутунду бийи.

АЛЛЕЛ (гр. allelon — оз ара) — гомологиялык (жуп) хромосомалардын бирдей бөлүктөрүндө жайгашып, бир эле белгинин өөрчүү багытын аныктай турган тукум кубалоочу ген. Ушунга А. термини киргенче бул гендер аллеломорфтор деп аталып келген. Ар бир ген өзүнүн структурасын белгилөөчү экиден кем эмес А-дик абалда турат. 1-А. тукум кубалоо белгисинин өөрчүшүн камсыз кылып, үстөмөндүк (доминанттык) касиетке ээ; 2-А. тукум кубалоо белгисин көмүскө түрүндө сактап, рецессиялык деп аталат. Мис., өсүмдүктөрдө доминанттык А. түстүү гүлдөрдүн, рецессиялык А. түссүз гүлдөрдүн пайда болушуна жардам берет. Адамдарда кара көздүүлөр доминанттуу, көк көздүүлөр рецессивдүү болот. Бир А-дик тошко жатуучу гендер бир тамга м-н белгиленет. Басымдуу А. үчүн баш тамга (В), рецессиялыгына кичине тамга (в) колдонулат. Гомологиялык хромосомдордун ар биринде ошол гендин бир гана А. орун алышы мүмкүн.

АЛЛЕЛДИК ГЕНДЕР, к. *Ген.*

АЛЛЕЛОПАТИЯ (гр. allelon — оз ара ж-а páthos — жабыркоо) — өсүмдүктөрдүн ар түрдүү заттарды бөлүп чыгарып, бири бирине таасир этиши. Мындай заттардын 4 тобу белгилүү, экө тобун *микроорганизмдер* пайда кылат, булар — башка микроорганизмдердин тиричилик аракетин басаңдатчу *антибиотиктер* ж-а жог. түзүлүштүү өсүмдүктөрго таасир этүүчү маразминдер (солуткуч зат). Башка экө тобун *жогорку түзүлүштүү өсүмдүктор* болуп чыгарат. Булар — микроорганизмдердин тиричилик аракетин басаңдатчу фитонциддер ж-а жогорку түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн өөрчүшүнө жолтоо кылчу колинддер. А. кубулушун а. ч. өсүмдүктөрдүн *аралаш эгүүдө* эске алуу зарыл.

АЛЛЕРГИЯ (гр. állos—башка, érgon—таасир этүү) — организмдин сырттан кирген бөтөн заттардын таасирине реакция кылышынын бир түрү. Организмдин сезгичтигин өзгөртүүчү бөтөн заттар аллерген деп аталат. Аллергендерге жооп иретинде организм аларды жоюучу антителолорду иштеп чыгып, аны м-н күрөш жүргүзөт. А-лык реакциялар организмдин сезгичтигинин аллергенге өтө жогорулаган, төмөндөгөн ж-а аларга такыр жооп бербеген үч түрдө өтөт. А. пайда болуш үчүн сырттан кирген жат белокторго организмдин сезгичтигин жогорулатуу керек, мис., белгилүү бир өлчөмдөгү белокту (аттын сыворотасын) 1-куйганда, организмдин сезгичтиги көтөрүлөт, ага 15—20 күндөн кийин 2-жолу куйганда, катуу реакция жүрүп, организм өлүмгө дуушар болот. Жат белоктун кайталанып кууюшунан организмдеги күчтүү реакцияны анафилакция деп атайт. Жат белокко өтө сезгич болуп калган организм анча-мынча жарадар болсо, же кичине эле суукка урунса, күчтүү реакция берет.

АЛЛЕЯ (фр. allée — басуу) — парк-бактарда экө жагына бак-дарак отургузулган жөө адам жүрчү жол. А-нын түрлөрү архит. белгилүү тартип б-ча, түз ж-а ийри сызыктуу бир же бир нече катар тилкелерден турат. А-нын экө тарабына узакка бүр төкпөй турган карагай, пихта, кипарис, липа, кара жыгач, кайың, бук сыяктуу дарактар остүрүлөт.

АЛЛИГАТОРЛОР, к. *Крокодилдер.*

АЛЛИЛ СПИРТИ — каныкпаган эң жөнөкөй спирт, $CH_2=CH-CH_2OH$, кескин жыттуу түссүз суюктук, кайноо t 96,9°С. Суу, спирт, эфир м-н жакшы аралашат. А. с. аллилхлоридди гидролиздөөдөн алынат: $CH_2=CH-CH_2Cl+HOH \rightarrow CH_2=CHCH_2OH+HCl$. А. с. глицеринди, синтет. чайырларды ж-а пластмассаларды алууда колдонулат.

АЛЛИЛУЕВ Сергей Яковлевич (25. 9. 1866—27. 7. 1945) — Россиядагы революцияга чыккан кыймылдын ишмери. 1896-жылдан Компартиянын мүчөсү. Воронеж обл-дагы Новохоперск уездинин Рамони с-да дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1890-жылдан Тифлисте слесарь ж-а машинисттин жардамчысы болгон. 1907-жылга чейин Тифлисте, Баку да, Москвада, Ростов-на-Донуда активдүү рев-чыл иш жүргүзгөн. Бир нече жолу камакка алынып, Сернуховго ж-а Архангельскиге сүргүнгө айдалган. 1907—18-ж. Петербургда иштеген. А-дин квартирасында большевиктер дайыма жашырын жолугушуп турган. 1917-ж. Февр. рев-ясы убагында «Общество 1886 г.» деген электр станциясынын заводдук комитетинин мүчөсү. 1917-жылдын июль күндөрүнөн кийин В. И. Ленин А-дин квартирасында жашырын турган. А.—Петрограддагы Окт. революциянын активдүү катышуучусу. Гражд. согуштун жылдарында Украина м-н Крымда подпольелик иш жүргүзгөн; 1921-жылдан Ялта ревкомунун мүчөсү, андан соң Москвада, Ленинградда, Украинада чарб. жетекчи кызматтарда иштеген.



С. Я. Аллилуев.

АЛЛИЛХЛОРИД, хлордуу аллил, $CH_2=CH-CH_2Cl$ — орг. бирикме, кескин жыттуу түссүз суюктук, кайноо t 45,1°С, тыгыз. 938 *кг/м³* (20°С); сууда эрибейт. Орг. эриткичтердин көпчүлүгү м-н аралашат. А. кошуп алуу ж-а молекуласындагы хлор башка атомдордун топтору (OH, NH_2CN ж. б.) м-н орун алмашуу реакцияларына оңой кирет. А. пропиленди 500°Сде хлорлоо м-н алынат. А. глицеринди, дары-дармектерди, инсектициддерди, пластмассалардын кээ бир түрлөрүн, желимдерди ж. б. өндүрүүдө колдонулат.

АЛЛИТЕРАЦИЯ (лат. ad — карай, жанында, littera — тамга) — ырда, айрым учурда кара сөздө окшош үнсүз тыбыштардын кайталанышы. Кыргыз поэзиясында (жалпы эле түрк тилдеринде ырларда) А. үндүү ж-а үнсүз тыбыштардын бирдей кайталанышын билдирет. А. эки түрдө кездешет: 1) тышкы А. Бул так ж-а так эмес болуп экиге бөлүнөт; 2) ички А-да ыр саптарынын ичиндеги ар бир ритмикалык бөлүктөрдүн башкы муундары окшош тыбыштардан түзүлөт.

АЛЛОПЛАСТИКА (гр. állos башка ж-а plasso—жабыштырам, чаптайм) — жандуу тканга бөтөн нерсени (пил сөөгү, эбонит, парафин, алтын, күмүш ж. б.) жамоо. Байыркы убактарда, мис., кайкы мурунду оңдоо үчүн майда тешиги бар жалпак алтынды пайдаланышкан. Ал оор болгондуктан ж-а тканга тез бириге албагандыктан, терини тешип сыртка чыгып калган. Азыр ткандарда жакшы орун алуучу, ийилгич ж-а денеге зыянсыз пластмассаны пайдалануу кеңири таралды. Жаак м-н жиликтердин сыныктарын кыймылга келтирбөө үчүн дат баспаган болот, виталиум ж-а тантал колдонулат.

АЛЛОТРИОМОРФТУУЛУК, ксеноморфтуулук (гр. allotrios, xenos—жат, бөтөн, башка, morph — форма) — тоо тектердин магмадан пайда болуу процессинде кандайдыр бир минералдын сырткы түзүлүшү өзүнө мүнөздүү кристаллдык формада бол-

бой калышы. Мындай минерал башкаларга караганда кеч кристаллданусуна байланыштуу, алардын арасындагы бош орунду гана ээлейт, б. а. мурда пайда болгон минералдар кийинкилердин туура форма алуусуна тоскоолдук кылат. А-тун тескери маанисиндеги термин — *идиоморфтуулук*.

АЛЛОХОРЛОР (гр. állos — башка, chōréō — баратам, тараймын) — түрдүү сырткы факторлордун: абанын (анемохорлор), суунун (гидрохорлор) ж-а жаныбарлардын (зоохорлор), адамдын (антропохорлор) таасири м-н таралуучу өсүмдүктөр.

АЛЛОХТОН (гр. állos — башка, бөтөн, chthōn — жер) — 1) башка жактан оошуп келген материалдардан пайда болгон тоо тектер ж-а кендер. Мис., өсүмдүк калдыктары суу м-н агып барып, башка жерге топтолуусунан таш көмүрдүн пайда болушу. 2) Аллохтон структурасы (аллохтон) — тектон. кыймылдардын таасиринен алгачкы ордунан жылып келип, автохтон структураларын жаап калган бүктөлүүлөрдүн бөлүгү.

АЛЛОХТОНДОР — эвол. процесстин натыйжасында кандайдыр бир жерде пайда болуп, андан акырындык м-н башка жерлерге таралып, кийин ар кандай себептерден баштапкы жерлеринен бөлүнгөн, өзүнчө бөлөк жерлерде жашап калган организмдер (к. *Жаныбарлар миграциясы*). Мис., опоссум (баштыкчан келемиш) ж-а калибралардын бир нече түрү Түш. Америкадан келген Түн. Американын А-ру болуп саналат.

АЛЛЮВИЙ (лат. alluvio — агынды, шиленди, сайроон), аллювий чөкмөлөрү — агып келип суу-дарыя нуктарына, сайларга топтолгон кесек, борпоң чөкмөлөр. А. көлөмү, составы, сорттолушу жагынан ар түрдүү тоо тектердин жумурулапган кесек сыныктарынан, кум м-н чопонун аралашмаларынан турат. Сынык бөлүкчөлөрдүн кесектиги б-ча галечниктүү, гравийлүү, кумдуу, чополуу ж-а кум топурактуу; жайгашкан орундарына жараша нуктук (сайлык), жайпама, курган калган байыркы өзөн А. болуп бөлүнөт. Айрым нук А-де алтын, платина, калай ж. б-дын кен чачындылары (россыпь) жолугат. А. м-н кум-шагыл кени да байланыштуу.

АЛЛЮР — жылкынын ар башка басыгы (жай бастыруу, желдирүү, таскактатуу, жорго салдыруу ж. б.). Ар бир А-да аттын буттарынын кыймылы ар башка ж-а ар кандай темпте болот. Мис., жорго салдырганда, жылкы бир ыптасындагы эки бутун алдыга тең таштайт. Жылкынын белгилүү убакытта бир А. м-н басышы реприз деп аталат.

АЛМА — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Шайдан сельсоветине караштуу кыштак. Р-дун борбору Ленин-Жолдон 7 *км* түн.-чыг. тарапта. Калкы 1217 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АЛМА (рим. lialus) — роза гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык мөмө дарагы. Ал өлкөбүздүн мөмө багынын 32%ин түзөт. Анын дүйнөдөгү жапайы 33 түрүнөн ону СССРде өсөт. А. Борб. Кытай м-н О. Азияда пайда болуп, Европа, Азия ж-а Түн. Америкага тараган. Дүйнөдө А-нын 6 миңден ашык, СССРде 1,5 миңге жакын, Кырг-нда 80ден ашык сорту бар. Респ-када алма багы 32 миң *га* жерди ээлейт, александр апорту, ак розмарин, вернен грушовкасы, лансберг ренети, бурхардт ренети сыяктуу сорттор көп тараган. Респ-канын илимпоздору А-нын токтогул, рашида, кыштык кыргыз алмасы сыяктуу бир катар жаңы сортун чыгарган. А. топурагы терең жерге жакшы өсөт. Агротехниканы жакшы колдонсо, бир түбү 0,5—2 *т* га чейин түшүм берет. А. деңиз деңг. 2500 *м* бийиктикке чейинки жерде да өсөт. Ал көбүнчө кыйыштыруу жолу м-н, кээде уругунан көбөйтүлөт. Анын мом сыяктуу кабыгы мөмөнү микроорганизмдерден коргоп, көпкө сактоого (8—10 айга) мүмкүндүк берет. А. жаңы бойдон же как түрүндө, тамак-аш ө. ж-да пайдаланылат. Андан варенье, повидло, консерва, компот, шире ж-а дарыдармек жасалат. Кырг-ндын А-сы өлкөбүздүн чыгышындагы ө. ж. борборлорунун көпчүлүгүнө жөнөтүлүп турат.

АЛМА БИТИ (aphis pomi Deg) — муунак буттуулар тибиндеги тең канаттуулар түркүмүнө кирүүчү бит. Денеси сүйрү, уз. 2 *мм* че, өңү жашыл, өөгү каралжын. Жумурткалары жаш бутактардын бүчүрлөрүнүн түбүндө кыштайт. Эрте жазда алардан личинкалар чыгат. Личинкалар жыныссыз көбөйөт. Жер шартына жараша бир жайда 8—17 жолу тукумдайт. А. б. Палеарктикада, Америкада, СССРдин бардык жерлеринде таралган. Ал алма, доолоно, кээде жаш алмуруткa зыян келтирет. Аны жоготуу үчүн биол., хим. жолдор колдонулат.

АЛМА КӨПӨЛӨГҮ, КУРТУ (carpocapsa pomonella) — жалбырак түргүчтөр тукумундагы түнкү зыянкеч. СССРдин бардык аймагында кездешет. Ал алманы, алмурутту, бий алманы, жаңгакты зыянга учуратат. Канатын жазганда — 14—18 *мм*, сиркеси тоголок, жалпак, чоңдугу 1 *мм*, куртунун уз. 12—18 *мм*, өңү саргыч же кызгылт. Курт дарак кабыгынын коңулунда, топуракта, мөмө сактагычтарда ж. б-да кыштап, жазында көпөлөк болуп учуп чыгат. Бул көпөлөк сиркесин жалбыракка же мөмөгө таштайт, ал 6—15 күндө куртка айланып, мөмөнү тешип кирет. Бир айдан кийин дарак коңулуна же кыртышка түшөт. Күрөшүү чаралары: агрофиз. ыктарды ж-а хим. каражаттарды колдонуу.

АЛМА КҮБӨСҮ (Hyponomeuta malinellus) — какач канаттуулар түркүмүндөгү зыянкеч көпөлөк. Алар карагы бар, жылтырак ак, кээси күбө, көгүш түстүү болот. Денесинин уз. 8—10 *мм*, канатын жайганда — 18—22 *мм*, канаты түктүү. СССРдин токойлуу талаа тилкелеринде, Кавказда, О. Азияда ж-а Ы. Чыгышта кеңири таралган. Күбө түшкөн алма (кээде алмурут) кайта жалбырактап, начар өсөт, түшүмү азаят. А. к-нөн сактап үчүн жаз алды м-н даракка ар түрдүү уу химикаттар чачылат.

АЛМАЗ (гр. adamas — «жеңилбес», ар. алмас — өтө катуу) — минерал, таза көмүртектин (С) кристаллдык модификациясы. Табигый заттардын эң катуусу (*Моос шкаласы* б-ча 10) ж-а 1-класстагы асыл таш. Ал табигый ж-а жасалма А. болуп экиге бөлүнөт. **Табигый А.** *куб системасында* кристаллданат. Салыштырма салмагы 3—5. Көбүнчө мөлтүр тунук, кээде өңү агыш, саргыч, көгүлтүр, жашыл кызгылт, күрөң кара сур. Айрыкча түссүз тунугу өтө баалуу. А. зергерлик м-н кырдалгандан кийин, бриллиант (каухар) деп аталат. А. кристаллынын салм. 0,01 караттан 100, кээде 1000 каратка чейин жетет (1 *карат* 0,2 *г*). Суу жукпайт, жарыкка нурланат. Электр тогун начар өткөрөт. Кислоталар м-н щелочторго туруктуу. Селитранын эритиндисинде ж-а содада эрийт (t 500°C). Абасыз жайда же инерттүү газда 3600°Сда графитке айланат. А. алгачкы ж-а чачынды (россыпь) кендеринен казылып алынат. Алгачкы кендери ба-



Табигый алмаздар.

йыркы калкандар м-н платформаларда жайгашкан ультра негиздүү магмалык тоо тек — *кимберлитте* гана кезигет. Кимберлит түтүкчөлөрүндө А. текши таралбастан, бирин-серин айрым кристалл түрүндө болот. Азыркы мезгилде рудада А-дын саны 0,4—0,5 *кар/м³* ге жеткен алгачкы кендер гана иштетилет. Табигый А-дын пайда болушу тактала элек. Айрым изилдөөчүлөр А. жердин мантиясынын үстүңкү чегинде, б. а. өтө тереңдикте, кээси платформанын фундаменти м-н

жекме тоо тектердин чектешкен жеринде эле (2—4 *км* тереңдикте) пайда болот деп болжолдошот. Дүйнөдөгү А-дын көбү (80—85%) чачынды кендерден казылып алынат. Мындай кендерди иштетүү үчүн андагы А-дын саны 0,25—0,50 *кар/м³* болууга тийиш. Жог. сапаттуу А-дын кендери Уралда, кимберлит түтүктөрү ж-а чачынды кендери *Сибирь платформасында* (к. *Якут алмаз районy*), Тиманда, Украинада, Каз-нда (Көкчө тоо) табылган. Чет өлкөлөрдө А-дын ири кендери Заир м-н Түш. Афр. Респ-касында, Анголa, Гана, Танзания, Канада, Австралия, Бразилия, Индия, Индонезияда бар. Дүйн. рынокто А. зергерлик ж-а техникалык болуп экиге бөлүнөт. Зергерлик А.— негизинен кооздук үчүн колдонулуучу эң кымбат баалуу асыл таш. Анын баасы салмагына, тунуктугуна, тазалыгына жараша болот. Майда, тунук эмес А. (борт, карбонадого окшогон түрлөрү) катуу тоо тектерди бургулоодо, металл ж-а таш иштетүү ө. ж-ларында колдонулат.

Синтетикалык А. көмүртектен ж-а көмүртектүү заттардан жасалма жол м-н алынат. Анын кристаллдык структурасы ж-а хим. негизги касиеттери табигый А-дыкындай. А-дын хим. составы белгилүү болгондон кийин (18-к-дын акырында) көп өлкөдө аны жасалма түрдө алууга аракет жасалды. СССРде 1-жолу жасалма А. 1960-ж. СССР ИАнын Жог. басымдар физикасы ин-тунда акад. Л. Ф. Верещагиндин жетекчилиги астында алынган. А-ды синтездөөдө басым м-н темп-ра чоң роль ойнойт. Абс. нөл темп-рада А. ж-а графиттин ортосундагы термодинамикалык тең салмактуулуктагы басым 1500 *Мн/м³* болуп, темп-ра жогорулаган сайын басым көбөйө берет. Басым тең салмактуулуктан азайганда — графит, ал эми ашыкча болгондо, А. туруктуу болот. Ошондо да А-ды графитке ж-а графитти А-га айландыруу үчүн темп-ра эң жогору (2600°С) болушу керек. Синтезди оңойлотуу үчүн графиттин кристаллдык торчосун бузууга жардам берүүчү ар түрдүү агенттер (темир, никель ж-а алардын куймалары) пайдаланылат. Реакция жүрүүчү аралашмага кошула турган заттар А-дын кээ бир (электрдик ж-а оптикалык) касиеттерин жакшыртуу үчүн колдонулат. Мис., бор кошундусу А-дын кристаллдарына ачык көгүштөн күрөң кызгылтка чейинки өңдөрдү берет. А-дын кристаллдарынын формасы м-н түсү темп-ралык режимге жарашат; жог. темп-рада синтездегенде — тунук октаэдр, темп-ра бир аз төмөндөгөндө — куб октаэдр, ал эми төмөнкү темп-рада кара түстөгү куб кристаллдар алынат да, алар *абразивдүү материалдар* катары пайдаланылат.

Ад.: Шафрановский И. И., Алмазы, М., 1964; Трофимов В. С., Основные закономерности размещения и образования алмазных месторождений на древних платформах и в геосинклинальных областях, М., 1967; Бетехтин А. Г., Курс минералогии, М., 1961.

АЛМАЗ МЕНЕН ИШТЕТҮҮ — кесүүчү мизи синтет. же табигый алмаздан жасалган аспаптар м-н иштетүү процесси. А. и. көбүнчө машина ж-а прибор куруу ө. ж-да таза ж-а жеткире иштетүү үчүн колдонулат, к. *Алмаздуу жонуучу станок*.

АЛМАЗДУУ АСПАПТАР — кесүүчү бөлүгү табигый же синтет. алмаздан жасалган аспаптар. А. а-га: жылмалоочу чарык, өгөө, алмаздуу кескич, абразивдүү аспаптарды курчута турган калем ж-а ролик, бургулоо аспаптары кирет, аларды жасоодо күкүм же кристалл түрүндөгү алмаздар пайдаланылат. А. а-дын колдонулушуна жараша алмаз күкүмдөрү орг. ийилгич (резиналык), металл ж. б. байланыштыргычтары м-н бириктирилет. Мында 100%түү кошулманын 1 *мм³* катмарында 0,878 *мг* алмаз болот. А. а. м-н катуу куймалар, түрдүү конструкциялык (кварц айнеги, карапа ж. б.) ж-а курулуш материалдары (бетон, мрамор, гранит) иштетилет.

АЛМАЗДУУ БУРГУЛОО — таажысынын чөркөсүнө (коронканын торецине) алмаз шиеретилген болот цилиндр түрүндөгү бургу м-н өтө катуу тоо тектерин бургулоо иши. А. б. нефть ж-а газ скважиналарын иштетүүдө, кендерди чалгындоо иштеринде колдонулат, к. *Бургулоо*.

АЛМАЗДУУ ЖОНУУЧУ СТАНОК — алмаздан же катуу куймадан жасалган айланма аспаптар м-н көзөнөктү жеткире иштетүүчү атайылаштырылган станок. А. ж. с. тетиктин цилиндр формасындагы сырткы бетин иштетүүгө да ылайыкташтырылат. Тетиктерди массалык түрдө жасоодо көп шпинделдүү станок-жарым автоматтар, аз сериялуу өндүрүштөрдө бир шпинделдүү А. ж. с. колдонулат. Анын негизги артыкчылыгы алардын өндүрүмдүүлүгү ж-а иштетилген тетиктин бетинин сапаты жогору болгондугунда. Бул станок м-н тетикти иштетүүнүн тактыгы 0,5—1,0 *мкм* ге чейин жетет.

АЛМАЛУУ — Кемин р-нундагы Алмалуу сельсоветине караштуу кыштак. «Комсомол» к-зунун аймагында. Р-нун борбору Быстровкадан 30 *км* түш.-бат. тарапта, Быстровка т. ж. станциясынан 27 *км*. Калкы 800 (1971). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана ж-а медпункт бар.

АЛМАЛУУ — Ош обл-нын Токтогул р-нундагы Толук сельсоветине караштуу кыштак. «Толук» с-зунун аймагында. Р-дун борбору Токтогулдан 110 *км* чыг. тарапта, Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 295 *км*. Калкы 2200 (1974). Орто мектеп, оорукана, медпункт бар.

АЛМАЛУУ БУЛАК — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Кызыл-Туу сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Р-дун борбору Сузактан 60 *км* чыг. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 10 *км*. Кара-Булак суусунун оң жээгинде. Калкы 767 (1974). Башталгыч мектеп бар.

АЛМАЛУУ КӨРУСТӨНҮ Кетмен-Төбөдөгү (Кыргыз ССРи) Торкен суусунун сол жээгинде, б. з. 1—5-к-на таандык. 1966—67-ж. Кыргыз ССР ИА археол. изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Казанактарда бирден үчкө чейин адам скелеттери кезигет, кээ бирлери табытка салынып, бетине алтындалган жука бет кеп кийгизилген. Табылгалардын арасында дан сактоочу зор өлчөмдөгү кумара, жыгач табактар, кылыч, бычак, соот, жебе, коло сөйкө, шакек, күзгү, чынжыр, коңгуроо, тогоо, мончок, асыл таш чөгөрүлгөн алтын сөйкө, шакектер бар.

АЛМАЛЫ — Кант р-нундагы Ысык-Ата сельсоветине караштуу кыштак, «Ысык-Ата» с-зунун борбору. Р-дун борбору Канттан 35 *км* түш. тарапта. Калкы 473 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана ж-а медпункт бар.

АЛМАЛЫК — Өзбек ССРинин Ташкен обл-дагы шаар. Ахангаран т. ж. станциясынын 18 *км* түштүгүндөгү Ангрен суусунун сол жээгинде, Курама кырка тоосунун капталында жайгашкан. Калкы 81 миң (1970). Респ-кадагы түстүү металлургиянын борбору болгон Ленин атн. тоо-металлургия комбинаты, ТЭЦ, автомоб. оңдоочу з-д, мебель ф-касы, түстүү металлургия ил. из. ин-ту, тоо металлургия техникуму бар.

АЛМАЛЫК ЖЕЗ КЕНИ — Өзб-ндагы ири жез кендеринин бири. Ташкенден 90 *км* аралыкта, Карамазар тоосунун түн. капталындагы Ангрен суусунун өрөөнүндө. Кенде алтын бар экени 9—10-к-да эле билинген. 1930-жылдан геол. чалгындоо иштери жүргүзүлүп, жез м-н молибдендин запасы аныкталат. Кен орун алган аймак ордовиктен пермге чейинки мезгилдерде пайда болгон сланецтер, андезит-порфириттер, кварцтуу порфирлер, аки таш теги ж. б. тоо тектерден турат. Кен пермь мезгилинин гранодиорит-порфир ж-а сиенит интрузиялары м-н байланыштуу. Руда халькопирит, галенит, сфалерит, тетраэдрит, пирит ж-а алтын теллуриддеринен түзүлүп, ар түрдүү багыттагы жаракалардын кесилишкен жериндеги брекчия зонасында линза түрүндө же тарам-тарам болуп жатат. Улуу Ата Мек. согуштан кийин карьер түрүндө казыла баштаган. Мында жезден башка коргошун, цинк, молибден алынат.

АЛМАЛЫК КӨМҮР КЕНИ — Ош обл-дагы күрөң көмүр чыккан жер. Кызыл-Кыя ш-нан 50 *км* түн.-чыг. тарапта, Алай кырка тоосунун түн. капталында. Кенди 1909-ж. геологдор М. М. Брошников, В. Н. Вебер ачып, 1930—63-ж. мезгил-мезгили м-н (негизинен Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан) геол. чалгындоо жу-

муштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон көмүр астындагы, көмүрлүү, көмүр үстүндөгү түрдүү ж-а кызыл түстүү өндөнгөн 5 *геологиялык свитадан* турган тоо тектер түзөт. Свиталар болсо негизинен түрдүү түстөгү гравелит, кумдук, алевролит, мергель, чопо ж-а көмүр катмарларынан турат. Кен «көмүрлүү» свитада жаткан бир нече көмүр катмарынан түзүлгөн. Таза көмүр катмары 16,4 *м* ге жетет, алардын жалпы калың. 28,7 *м*. Көмүр кара күрөң ж-а гумустуу келип, составы б-ча кларендүү, фюзан-ксилендүү. Жалпы запасы 30,4 млн. *т*. Кен 1962-жылдан баштап карьер түрүндө казылат, О. Азия респ-каларын көмүр м-н камсыз кылууда зор маанige ээ.

Ад.: Геология месторождений угля и горючих сланцев СССР, т. 6, М., 1968.

АЛМАТЫ — Иле Ала-Тоосундагы ашуу. Бийикт. 3609 *м*. Алматы ш-ын кездой аккан Ак-Сай суусунун өрөөнү м-н Чоң-Кемин өрөөнүнүн башы кошулган жерде. А. аркылуу Чоң-Кемин өрөөнүнө жайкысын мал ашырылат.

АЛМАТЫ (1921-жылга чейин — Верный) — Казак ССРинин ж-а Алматы обл-ның борбор шаары (1926-ж. май). Иле Ала-Тоосунун түн. капталынын этегинде, деңиз деңг. 700—900 *м* бийиктикте, Чоң ж-а Кичи Алматы өзөндөрүнүн аралыгында. Шоссе ж-а т. ж. тоому. Калкы 813 миң (1974), аянты 16,3 миң *га*. А. 5 районго бөлүнөт. 1854-ж. казактын Алматы кыш-ның ордуна Заплийский наамында аскер чеби салынып, кийин Верный деп аталат. 1867-жылдан тартып Верный ш. Жети-Суу обл-ның борбору болгон. Окт. рев-ясына чейин шаардын калкының көбү а. ч-чылыгында иштеген, ө. ж. жокко эсе эле. 19-к-дын 2-жарымында Верныйдын калкының арасында прогрессчил идеяларды таратууда падыша өкмөтү бул жакка сүргүнгө жиберген орус социал-демократтары чоң роль ойногон. 1905—07-жылдагы рев-я мезгилинде бул жерде с.-д. топ иштеген, саясий демонстрациялар ж-а иш таштоолор болуп турган. 1917-ж. большевиктер уюму түзүлүп, 1918-ж. 2—3-марттагы көтөрүлүшкө жетекчилик кылган, көтөрүлүштүн натыйжасында Совет бийлиги орногон. Гражд. согуш мезгилинде (1918—22) Верный ш. сов. Жети-Суунун аскердик ж-а саясий борбору болгон.



Алматынын сквери.

А. Совет бийлигине чейин анчамынча ө. ж. бар админ. ж-а соода пункт болсо, азыр Казак. ССРинин эң ө. ж. борборуна айланды. Мында 300дөн ашык ишкана иштейт. Алардын ичинде машина куруу, тамеки, консерва, шарап д. у. с-дын союздук ж-а респ-калык мааниси бар. Ө. ж-нын дүң продукциясынын 35,2%ин тамак-аш, 24,3%ин жеңил ө. ж. берет. Тамак-аш ө. ж-нан эт-консерва, жемиш-консерва, нан, сүт, тамеки, шампан-шарап комбинаттары, ликер-арак, маргарин, пиво з-ддору, кондитер, чай өлчөөчү ф-калары; жеңил ө. ж. тармактарынан: бут кийим («Жети-Суу» бут кийим фирмасы), кездеме токуу, мех комбинаты, булгаары галантереясы, килем токуу, трикотаж, түш кийиз ф-калары бар. Оор ө. ж. ишканаларынан электротех., төмөнкү вольттуу аппарат, станок, кир жуугуч ж-а а. ч. машиналарын куруучу, вагон өндөөчү, подшипник өндөөчү ж-а чыгаруучу ж. б. бар. Шаарда көмүр, мазут м-н бир нече электр станция иштейт. 1970-ж. шаарга Бухара газы келген. Окт. рев-ясына чейин бир кабаттуу жыгач ж-а жер үйлөрү бар кууш көчөлүү шаарча болгон. Ал жер титирөө м-н селден (1887, 1911) жапа чеккен. А-ның архит. жактан дүркүрөп өнүгүшү сов. доордо башталды. Азыр селге каршы курулуштар курулуп, кварталдары прилештирилди, көчөлөрүнүн эки тарабына бак-даракtар отургузулду. Ири курулуштары: ун-т (1930, арх. М. Я. Гинзбург), башкы почтамт (1931—34, арх. Г. Г. Герасимов), Өкмөт үйү (1958, арх. Б. Р. Рубаненко), ПАның башкы имараты (1957, арх. А. В. Щусев, Н. А. Простаков) ж. б. Көрүнүктүү эстеликтери: Абай (1960, скульптор Х. Наурызбаев), Революциянын баатырлары (1967, скульптор Н. С. Журавлев, арх. И. Я. Токарь), Чокан Валиханов (1969, скульптор Х. Наурызбаев, арх. Ш. Валиханов) ж. б.

Ад.: Алма-Ата — столица Казахской ССР, А.-А., 1960; Назаревский О. Р., Алма-Ата. Экономико-географический очерк, М., 1961.

АЛМАТЫ КОРУГУ — Казак ССРинин Алматы обл-дагы мамл. корук. Иле Ала-Тоосунун орто жеринен орун алган. Ал 1935-ж. уюштурулган, коруктун максаты — Түн. Тянь-Шандын жаратылыш байлыгын коргоо ж-а аны изилдөө. Ал эки болүктөн турат: биринчиси Иле Ала-Тоосунун борб. бөлүгүндө (71,7 миң *га*), экинчиси Иле д-ның боюнда (18 миң *га*). А. к-нун бийикт. 1600 *м* ге чейинки жеринде жапайы алма, өрүк, бай терек, долоно ж. б. өсүмдүктөр, жалбырактуу токой өсөт. 1600 *м* ден 2800 *м* ге чейинки тоолордо шренка карагайы, андан жогорураакта арчалуу токой, 3500 *м* ден бийик жагын аска-зоо эөлеп, мөңгү каптап жатат. А. к-нун эң бийик жери Талгар чокусу (бийикт. 4973 *м*). Иле д-ның боюнда — аркар, жейрен, кекилик, кыргоол; тоолорунда марал, элик, күрөң аюу, илбирс, сүлөөсүн, каракур, чил, улар ж. б. бар.

АЛМАТЫ ОБЛАСТЫ Казак ССРинин түш.-чыгышында жайгашкан, 1932-ж. 10-мартта түзүлгөн. Аянты 105,4 миң *км*². Калкы 1443 миң (1970). Областта 10 админ. район, 5 шаар, 6 ш. т. посёлок бар. Борбору — Алматы.

Жаратылышы. А. о. түн.-батышынан Балкаш көлү, түн.-чыгышынан Иле д-сы, түштүгүнөн Түн. Тянь-Шань тоолору, чыгышынан КЭР м-н чектешет. Областтын түн. бөлүгүн Балкаш көлүнө карай жантайыңкы жаткан түздүк, түштүгүн Кетмен кырка тоосу, Иле Ала-Тоосу, Күнгөй Ала-Тоосунун түн. тармактары ээлейт. Түндүгүндөгү түздүк бөлүгүнүн климаты кескин континенттик, кышы бир кыйла суук, январдын орт. темп-расы — 10, —14°С, жайы ысык, июлдун орт. темп-расы 24—26°С, жылдык жаан-чачыны 100—300 *мм*. Тоо этегинин климаты жумшак; январдын орт. темп-расы —3, —6°С, жылдык жаан-чачын 700—1000 *мм* ге жетет. Ири суулары: Балкаш көлүнүн бат. бөлүгүнө куюучу Иле, түштүгүндө Иле д-ның алабына кирүүчү ири өзөндөр (Шарын, Тургень, Талгар, Чоң ж-а Кичи Алматы ж. б.). Областта көлдөр көп, минералдык бир нече булагы бар. Түн. тарабынын түздуктору көбүнчө боз топурактуу, Иле өзөнүндө — шалбаалуу-боз топурак, тоо этегинде — коңур, тоолуу бөлүгүндө — кара топурактуу, андан жогору жаткан карлуу-муздак жагы таштак. Өсүмдүктөрүнөн талааларда шыбак,

Алматы. Советтер үйү.





1. Бельфлер, мөмөсү; 2. Апорт, мөмөсү; 3. Мек-Интош, шагы; 4. Апорт, шагы; 5. Кандиль синап, мөмөсү. 6. Токтогул, шагы; 7. Розмарин, шагы; 8. Мөмө багы; 9. Вернен грушовкасы, шагы.

Алма макаласына.


1


2


3


4


5


6


7


8


9

1. Жолборс. **2.** Жейрен. **3.** Адамдын антроморфтук келбети. **4.** Эки шумкардын сүрөтү тартылган сөйкө. **5.** Тоодак. **6.** Короз. **7.** Илмек сымал оймо-чийме (б. з. ч. 6—4-к.). **8.** Инкрустациялуу ж-а көзчөсү бар сөйкөлөр. **9.** Бет кеп (4—5-к.).

Алтын буюмдар макаласына.

сексеөл, тал; тоолордо карагай, жапайы алма, бадалдар, шалбаа өсөт. А. о. жапайы жаныбарларга бай. Тоолордо аркар, тоо теке, марал, элик, илбирс, сүлөөсүн ж. б. айбанаттар кезигет. Областтын аймагында 1935-ж. уюшулган *Алматы коругу* бар.

А. о-да казак, орус, украин, уйгур, корей, татар ж. б. улуттар жашайт. Калкынын орт. жышт. 1 *км*² го 13,4 киши. Балкаш боюндагы чөлдөрдө — 0,3, Алматы ш-нын тегерегинде 1 *км*² го 100 киши. Ири шаарлары: Алматы, Талгар, Каскелең, Капчагай, Эшик.

Совет бийлигинин жылдарында А. о-да ар түрдүү о. ж. тармактары өнүктү: машина куруу ж-а металл иштетүү; жеңил о. ж. (кийим тигүү, жүн ийрүү, булгаары бут кийим, мебель букомдарын чыгаруу), тамак-аш, курулуш материалдар, полиграфия ж. б. өнөр жайлары Алматы ш-да жайгашкан.

А. о-да көбүнчө буудай эгилет, о. эле жемиш багы ж-а жүзүм, кант кызылчасы, тамеки өстүрүлөт. Мал чарбачылыгы — областтын эл чарбасынын негизги тармактарынын бири. Уяң жүндүү кой, жылкы ж-а эт-сүт берүүчү уй багылат.

А. о-нын аймагы аркылуу уз. 242 *км* Казак т. ж. өтөт. Шоссе жолунун мааниси чоң, жалпы уз. 35,7 миң *км* ге жеткен (1969). Маанилүү автомоб. жолдору: Алматы — Каскелең, Георгиевка—Фрунзе — Алматы — Талгар — Челек — Нарынкол, Алматы — Или—Талды-Коргон—Семей. Балкаш көлүндө ж-а Иле д-да кеме жүрөт.

Лит.: Аубакиров Ж. А., Алма-Атинская область, А.-А., 1959; Казахстан, М., 1970 (серия «Советский Союз»); Народное хозяйство Казахстана, А.-А., 1970.

АЛМАШТЫРУУЧУ МАСКА МЕТОДУ — актёрдун же кандайдыр бир объектинин күчүрт сөлөкөтүн колдонуу м-н бөлөк-бөлөк тартылган кадрлардан толук сүрөттү кураштырып тартуу ыкмасы. Бул метод актёрлорду татаал экспозицияга алып барбай, кымбат декорацияларды курбай фильм тартууга мүмкүндүк берет. Алм. м. м. м-н киного тартуу эки этапта иштелет: 1-этапта актёр киного тартуучу аппарат м-н бириккен эки плёнкага тартылат. Анын бири — негатив, экинчиси — инфрахромдуу плёнка. Тартканда, негатив плёнкада актёрдун жашырын сүрөтү пайда болот. Атайы өңүнө чыгаргандан кийин, инфрахром плёнкасында актёрдун күчүрт сөлөкөтү көрүнөт. Ушул сөлөкөт сүрөт маска деп, ал эми сцена 6-ча өзгөрүп турганы алмаштыруучу маска деп аталат; 2-этапта фонду тартуу үчүн актёрдун сөлөкөтү м-н негативдеги сүрөтү бири бирине дал келтирилип, эки плёнка тең кинокамерага кайра орнотулуп тартылат. Ушундай тартылган негатив плёнкасын атайы өңүнө чыгаргандан кийин, киного керектүү кураштырылма кадрлар алынат.

АЛМАШУУ — жүгүртүү процессинде эмгек продукцияларынын адамдардын ортосунда өз ара айырбашталып турушу. А. материалдык байлыкты бөлүштүрүүнү ж-а керектөөнү өндүрүш м-н байланыштырып, анын өнүгүшүнө таасир тийгизип турат. Эмгектин коомдук бөлүнүшү А-нун түзүлүшүнө ж-а өнүгүшүнө оңтойлуу шарт болуп саналып, анын мүнөзү м-н формасы коомдун өндүрүш жолуна жараша аныкталат. Капитализм тушунда эмгек продуктулары ж-а жумушчу күчү товарга айланып, товар өндүрүшү кеңири өөрчүйт да, А. эң жог. деңгээлде өнүгөт. Социализм тушунда менчиктин эки формасы болгондуктан, товар алмашуу сакталып калат, ал коомдук менчик м-н пландуу экономикага негизделет. Бул эл чарбасында экон. байланыштыны чындап, анын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

АЛМУРУТ (Purus) — роза гүлдүүлөр тукумундагы мөмө дарагы. А-тун 60ка жакын түрү бар. СССРде 30, Кырг-нда 18 түрү өсөт. А. дарагынын бийиктиги 15—20 *м*. Гүлү ак же мала кызыл. Мөмөсү сүйрү же шар сыяктуу, кок, кызгылт же сары. Апрель—майда гүлдөйт, август — сентябрда



Алмурут: 1 — гүлү; 2 — мөмөлүү шагы; 3—жара кесик мөмө.

мөмөсү бышат, 6—8 жылдан кийин мөмөлөп, 50—200 жыл жашайт. Жапайы А. көбүнчө Европанын түштүгүндө, Кавказда, О. Азияда, Ы. Чыгышта, Кытайда кездешет. А-тун бакма түрү жапайы түрүнөн өзгөчө: мөмөсү жумшак, кооз ж-а чоң, бутактарынын учунда тикенеги жок. СССРде А. Крым, Украина, Кавказ, О. Азия, Молдавия ж-а Ы. Чыгышта өстүрүлөт. А-тун 5000ге жакын сорту белгилүү, анын ичинен Кырг-нда 130 сортун өстүрүү сунуш кылынган. А. бышып жетилишине карата жайкы, күздүк ж-а кышкы сортторго бөлүнөт. А-тун ар гектарынан 5 *т* га чейин, бир түбүнөн кээде 1 *т* түшүм алууга болот. Мөмөсү тамак-аш катары ж-а как, консерва даярдоодо колдонулат. Жыгачы чың, оор; ар түрдүү буюм, муз. аспаптар жасалат; кабыгынан күрөң түстүү боёк алынат.

АЛОГИЗМ (*a*... ж-а logismós — акыл-эс) — пл. тааныл-билүүдө логикалык ой жүгүртүүнүн ролун тануучу агым. 1) Философияда—тааныл-билүүгө логикалык ой-жүгүртүү жолу м-н эмес, ишеним, керемет, интуиция, мистика жолу м-н жетишүүгө болот деп далилдөөгө аракеттенген көз караш. А-дин көрүнүктүү өкүлдөрү: Шопенгауэр, Ницше, Джентиле, Бергсон, Джемс, Ф. Шиллер ж. б. 2) Сүйлөгөндө, сөздүн логикалык мааниси, байланышын, атайын бузуп айтуу да А. деп аталып, ал оозеки ад-тта ж-а жомоктордо колдонулат.

АЛОЭ (Aloe) — лилия гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. Гүлдөрүнүн түсү кызгылт, ак, жалбырагы калың. А. кургакчылыкка чыдамдуу. Афр. чөлдөрүндө, СССРде: Кавказда, Кара деңиз жээктеринде өсөт. Шireси — кургак учук, көз, ичеги-карын ж. б. ооруларга дары. А-нин дарак сымал түрү көбүнчө үйдө өстүрүлөт. А-ни көбөйтүүнүн эң жеңил жолу — жалбырагын бөлүп-бөлүп өстүрүү. Тамыр алган жаш сабак жалбырагы кышында атайын жайларда калтырылат да, алар жаз алды м-н питомникке көчүрүлөт. Кийинки жазда даяр көчөтү ачык талаада өстүрүлөт. Орто эсеп м-н гектарынан 8—10 *т* жалбырак жыйналат, кээде бир сезондо 5 жолу түшүм берет.

АЛП КАРА КУШ — кыргыз жомокторундагы образдардын бири. Ал кээде зымырык куш деп айтылат. А. к. к. жомоктордо (мис., «Эр Төштүктө») оң каармандарга көмөктөш, тилектеш катары сүрөттөлөт.

«АЛПАМЫШ» — түрк тилинде сүйлөгөн элдердин бир даарында айтылуучу баатырдык эпос. Ал өзбектерде — «Алпамыш», казак ж-а кара-калпактарда — «Алпамыс», алтайлыктарда — «Алып-Манаш», башкырларда—«Алпамыш жана Барсынхылуу», казан татарларында «Алпамша» деп аталат. Кийинки жылдарда «А-тын» кээ бир эпизоддору тажиктерден да жазылып алынган. «Алпамыштын» негизги сюжеттик мотивдери кыргыздын «Жаныш-Байыш» дастанында кайталанат. Алпамыштын эрдиктери ж-дегү эпикалык жомоктун сюжеттери уруучулук (матриархат) дооруна таандык, бирок эпостун толук циклдери О. Азия элдеринин жунгар калмактарына каршы жүргүзгөн күрөшү учурунда (15—17-к.) түзүлгөн болуу керек. Өзбек, казак, каракалпактардагы варианттарында А. коңурат уруусунан чыккан баатыр деп айтылат. Белгилүү жомокчу Н. Улагашевден жазылып алынган (1939) алтайлыктардын «Алып-Манашы» түпкү чыгышы жагынан өзбек, казак, каракалпактардын «Алпамышы» м-н бир экендигин ж-а ал 6—8-к-да (түрк каганаты дооруңда) эле Алтай чөйрөсүндө пайда болгондугун акад. В. М. Жирмунский ишенимдүү далилдеген. Эпостун бардык версияларды сюжети жагынан окшош, бирок ар бир жомок жерг. колоритте көркөмдөлүп, оригиналдуу мотивдери м-н айырмаланат.

Тексттер: Алып-Манаш, в кн.: Улагашев Н. У., Алтай-Бучай. Ойратский героич. эпос, Новосиб., 1941; Алпамыс, Нөкис, 1957; Алпамыш. Узбекский народный эпос, М., 1958; Алпамыс-батыр. Тексты и переводы, под ред. М. О. Ауэзова и Н. С. Смирновой, А.-А., 1961.
Ад.: Алпамыш. Тезисы докладов и сообщений регионального совещания по эпосу «Алпамыш», Таш., 1956; Жирмунский В. М., Сказание об Алпамыше и богатырская сказка, М., 1960.

АЛП-ТЕГИН (т. ж. белгисиз — 963-ж. ченде ө.) — *газневилер* мамлекетинин негиздөөчүсү. А.-Т. *Саманилердин* тушунда аскер башчысы болуп, мамл. иштерди башкарууга катышкан. Кадыр-баркы күчөп баратканынан коркуп, эмир Абд аль-Малик аны 961-ж. Хорасанга аким кылып жиберет. Буга наразы болгон А.-Т. 962-ж. Саманилердин аскерин талкалап, Газна ш-нын ээлеп, Газневи мамлекетин негиздейт.

АЛТАЙ (түрк., монг. алтан—алтын) — СССР, МЭР ж-а КЭРдин аймактарынан орун алган Азиядагы ири тоо тизмек. Бат. Сибирь түздүгүнөн Гоби түздүктөрүнө чейин ар түрдүү багытта созулуп жаткан татаал рельефтүү кырка тоолордон турат. Уз. 2000 *км* ден ашат. Эң бийик чокусу — Белуха (4506 *м*). А. же Советтик А., Гоби ж-а Монгол Алтайы болуп үчкө бөлүнөт. Советтик А. Чыг. Каз-н обл. м-н Алтай крайынын аймагынан орун алган. Ал — татаал бүктөлүүлөргө учураган, протерозой заманынан тартып карбонго чейинки мезгилдерде пайда болгон терриген, карбонат ж-а жанар тоо тектеринин калың катмарларынан, о. эле палеозой заманынын ар түрдүү составдагы интрузияларынан турган тоолуу өлкө. Тоо аралык ойдуңдарда палеозойдун акырында

Тоолуу Алтай. Курай кырка тоосу.



ж-а юра мезгилинде пайда болгон таш көмүрлүү континенттик чөкмөлөр, палеоген-неоген катмарлары жатат. Геол. түзүлүшү, пайдалуу кен байлыктарынын жайгашуу өзгөчөлүктөрүнө жараша Тоолуу ж-а Кендүү А. болуп экиге бөлүнөт. Тоолуу А-ды — каледониддер (түн.-чыг. жагы), Кендүү А-ды герциниддер (түш., түш.-бат. тарабы) түзөт. Аларды тектон. терең жаракалар зонасы бөлүп турат. Тоолуу А-да темир, сымап, алтын ж-а сейрек кездешүүчү металлдардын, ал эми Кендүү А-да асыл ж-а түстүү металлдардын кендери бар. Герцин орогениясында пайда болгон тоолуу рельеф мезозойдо эрозиянын натыйжасында жапыздапат. Палеогенден баштап, айрыкча неогендин аягында, антропогендин башында жаңы көтөрүлүүлөр болуп, эски ж-а жаңыдан пайда болгон терең жаракалар жер кыртышынын ири бөлүктөрүн өз ара жылыштырып, натыйжада азыркы татаал тоолуу рельеф пайда болгон. Рельефтин татаалданышына, о. эле антропоген муз доору ж-а интенсивдүү суу эрозиясы чоң таасирин тийгизди. Катунь, Түн. ж-а Түш. Чүй сыяктуу бийик тоо кыркалары (3200—4000 *м*) Советтик А-дын борб. ж-а чыг. бөлүктөрүндө кеңдик багытта созулуп жатат. Мында бийиктиктин кескин өзгөрүүсүнөн чоң кыркалар, аска-зоокалуу, капталдары жылаңач ж-а тик келген альпы тибиндеги рельеф түзүлгөн. А. түндүккө ж-а батышка карай жапыздап (1500—2500 *м*), бир канча кырка тоолорго бөлүнөт. А-дын ортолук бөлүгүнө тоо аралык ири чуңкурдуктар ж-а өрөөндөр (Чүй, Куурай, Үймөн, Кан ж. б. «талаалар») мүнөздүү. Климаты континенттик. Кышы суук ж-а узак. Январдын орт. темп-расы — 15°С (тоо этектеринде), —28, —32°С (Борб. А-да). Чүй «талаасында» абс. минимум —60°С. Жайы жылуу (июлдун орт. темп-расы 15°С), бийик тоолордо жай кыска ж-а салкын. Нымдуу аба соккон бат. ж-а түн.-чыг. бөлүктөрүндө жылдык жаанчачыны 800—1200 *мм*, кургак түш.-чыг. бөлүгүндө 200—300 *мм* (Чүй «талаасында» 100 *мм*). Жалпы аянты 800 *км*² ге жеткен миңден ашуун мөңгүсү бар. Ири дарыялары: *Катунь, Бухтарма,* Бия, Чүй. Ири көлдөрү: Телец (Төлөс), Марка-Көл ж. б. А-га тоолуу-талаа, тоолуу-токой ж-а бийик тоолуу ландшафттар мүнөздүү. Тоолуу талаалар түндүгүндө 500—600 *м*, түштүгүндө 1000—1500 *м* бийиктикте жатат. Түн. ж-а бат. тоо этектери (500—600 *м* бийиктикте) кара топурактуу келип, түрдүү шалбаа чөптөр ж-а кылкандуу талаа өсүмдүктөрү, бадалдардан: алтыгана, табылгы, шилби, ит мурун, куриль чайы ж. б. өсөт. 1000—1500 *м* бийиктикте кара коңур топурактуу, шыбактуу, бетегелүү талаалар жатат. Жаныбарлары: кемирүүчүлөрдөн — кашкулак, сары чычкан, коён ж. б.; куштардан — күйкө, каракуш, ителги ж. б.; жырткыч айбандардан — карышкыр, түлкү ж. б. Борб. А. талаалары (1000—2000 *м* бийиктикте) күрөң коңур топурактуу, анда майда тамырлуу сейрек чыгуучу өсүмдүктөр өсөт; антилопа, жейрен, монгол сууру, манул мышыгы, тоо тарапчысы ж. б. жаныбарлар кездешет. Тоолуу токой зонасы А-дын 70%ин ээлейт. Негизинен ийне жалбырактуу токой (түн. жагы 1700—2000 *м*, борб. ж-а чыг. бөлүктөрүндө 2200—2450 *м* бийиктикте), өтө нымдуу р-ндорунда чытырман токой (кедр, пихта, карагай) үстөмдүк кылат. Тоо токоюнда тайга жаныбарларынан — аюу, сүлөөсүн, тыйын чычкан, марал, арс ж. б., куштардан — кайчы тумшук, чар карга, кара боор, тоңкулдак, кереңкур ж. б. Бийик тоолуу алкакта — субальпы, альпы шалбаасы ж-а жапалак бадалдар (кайың, тал); чыг. ж-а түн.-чыг. жактарын тоолуу тундралар ээлейт. Андан бийиги — нивалдык (суук) алкак. Субальпы, альпы шалбаалары жайыт катары пайдаланылат. Мындагы айбанаттар — тоо эчки, илбирс, түн. бугу, куштардан — улар, кекилик, аладунга ж. б.

Ад.: Алтае-Саянская горная область, М., 1966; Куминова А. В., Растительный покров Алтая, Новосиб., 1960; Михайлов Н. И., Горы Южной Сибири, М., 1961; Физико-географическое районирование СССР. Характеристика региональных единиц. Под ред. проф. Н. А. Гвоздецкого, М., 1968.

АЛТАЙ ЖЫЛКЫСЫ — Алтайдын тоолуу р-ндорунда асыралуучу жылкы. Өңү боз, кула, жээрде ж. б. Көөдөнү кең, субагай денелүү, буту кыска, мукур, туягы чың, суукка байымдуу. Боюнун бийикт. 132—137, тулку-боюнун уз. 138—144, көкүрөк курчай өлчөмү 160—165 *см*. Алтай обл-нын чыг. жагында, Монголия м-н чектеш р-ндордо көп асыралат. Бул жылкы көбүнчө унаа катарында пайдаланылат.

АЛТАЙ КОРУГУ — РСФСРдин Алтай крайындагы мамл. корук. Коруктун аянты 863,8 миң *га* (1967). Түш. Сибирь тоолорунун жаратылышын коргоо максатында уюштурулган. Мында негизинен тайга ж-а тундра, субальпы, альпы, шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Айбанаттары: марал, багыш, элик, күрөң аюу, кашкулак, тыйын чычкан, булгун, тоо теке, кекилик, чил, кереңкур, каракур.

АЛТАЙ КОЮ — жүн-эт берүүчү уяң жүндүү кой. 1930—49-ж. РСФСРдин Алтай крайындагы «Овцевод» (мурдагы Рубцовск с-зу) асыл тукум кой з-дунда ж-а «Страна Советов» (мурдагы «Сибмеринос») к-зунда чыгарылган. Жерг. меринос кой адегенде рамбулье, андан кийин анын тукумунан алынган аргын — австралия мериносунун ж-а кавказ уяң жүндүү коюунун кочкору м-н аргындаштырылган. Порода катарында 1949-ж.

бекитилген. А. к. чоң келип, дене түзүлүшү чың. Кочкорунун тирүүлөй салм. 90—100 *кг*, соолугу 55—65 *кг*. Ар жүз тубар койдон 130—170 козу алынат. Кочкорунан 9—11 *кг*, соолугунан 6—6,5 *кг*, мыктысынан 12—30 *кг* жүн кыркылат. Жүнү уяң, текши. Уз. 7—10 *см*. Көбүнчө баалуу кездеме даярдоо үчүн колдонулат.



А. к. Сибирде, Казак ССРинин түн. обл-тарында, Башкырт АССРинде, Челябинск ж. б. обл-тарда өстүрүлөт.

АЛТАЙ КРАЙЫ РСФСРдин составында 1937-ж. 28-сентябрда түзүлгөн. Аймагында бүткүл Алтай, Салаир тоосунун бат. капталдарына туташ кеткен түздүктөр ж-а Алтай талаалары жатат. Аянты 261,7 миң *км*². Калкы 2070 миң (1970). 63 район, 9 шаар, 29 ш. т. посёлок бар. Составына *Тоолуу Алтай АО* кирет. Борбору — Барнаул.

А. к-нын жери түздүктүү ж-а тоолуу болуп экиге бөлүнөт. Түн.-бат. бөлүгүн Бат. Сибирь түздүгүнүн чет жакалары, түш.-чыгышын Алтай тоолору ээлейт. Д-лары: Обь, Катунь, ири көлдөрү: Кулунду, Кучук, Михайлов ж-а Телец (Төлөс). Климаты түздүгүндө континенттик, кышы узак, кар аз, жайы ысык ж-а кургак. Январдын орт. темп-расы —19°С, июлдуку 18,9°С, жылдык жаан-чачыны 250—350 *мм*. Тоолуу бөлүгүндө климаты континенттик, жаан-чачын мол (1500—3000 *мм*), тоо арасындагы өрөөндөрдө 150—200 *мм*. Түздүктүү бөлүгүндөгү топурагы кара, батышы шор топурактуу. Аймагынын ⅓нин токой (лиственница, сибирь пихтасы, сибирь кедри ж. б.) ээлейт. Түздүгүндө талаа ж-а токойлуу талаа зоналары, тоолорунун ички өрөөндөрүндө жарым чөл м-н кургак талаалар, токой тилкелеринин жог. бөлүгүндө бийик тундра жатат.

Калкынын көбү — орус (85%), украиндер, белорустар ж. б. улуттар да бар. Тоолуу Алтай АОну негизинен алтайлыктар мекендейт. Калктын орт. жышт. 1 *км*² ге 10,3 киши. Шаар калкы 46% (1970). Ири шаарлары: Барнаул, Бийск, Рубцовск, Горно-Алтайск. Учук оорулуулар дарылануучу Лебяжье курорту бар.

А. к. — өлкөбүздөгү ө. ж. өнүккөн р-ндордун бири. Машина куруу, металл иштетүү, химия, курулуш материалдарын чыгаруу, тамак-аш ө. ж. өнүккөн. Барнаул, Рубцовск, Новоалтайск, Славгород ш-ларында трактор, а. ч. машиналары ж-а алардын шаймандары, кыймылдаткычтар, буу казандары, т. ж. вагондору, электр мештери, уста-пресс ж-а тоо-кен жабдуулары, радиоаппаратуралар чыгарылат. Алтын, сымап, түстүү ж-а сейрек металлдар өндүрүлөт. Кулунду көлүнөн кайнатма туз ж-а сода алынат. Жыгач даярдоо р-нунда жыгач буюмдар иштеп чыгаруучу, тактай, ширенке, фанера ж-а мебель ө. ж. бар. Жеңил ө. ж. Барнаулда (кездеме токуу, трикотаж ж-а жасалма була), Бийскиде (зыгыр, кездеме токуу). Тамак-аш ө. ж. бардык ө. ж-дын дүң продукциясынын 23%ин берет. А. к. жууган май өндүрүү б-ча РСФСРде, ал эми быштак өндүрүү б-ча СССРде 1-орун ээлейт. А. к. — Сибирдин негизги а. ч. ж-а дың жерлерди өздөштүрүү (1959—60) р-ндорунун бири. Айдоо аянттарына (7,1 млн. *га*) негизинен буудай (4,3 млн. *га*), тоют (көбүнчө жүгөрү) өсүмдүктөрү (1,5 млн. *га*), кант кызылчасы (67 миң *га*), күн карама (72 миң *га*) ж-а жашылча-бакча (115 миң *га*) өсүмдүктөрү айдалат. А. к-нын бардык р-ндорунда эт-сүт ж-а эт-жүн берчү мал чарбасы өнүккөн. Аңчылык ж-а бал өндүрүү да чоң мааниге ээ. Тоолуу Алтайда бугу, марал асыралат.

Т. ж. уз. 1710 *км*, негизги тармактары: Новосибирск — Барнаул — Рубцовск — Семей, Артышта—Барнаул—Кулунду — Павлодар ж. б. Автомоб. (31,8 миң *км*), суу (1500 *км*, Обь д-сы м-н) жолдору бар. Барнаулда политех., мед., пед. ж-а а. ч. ин-ттары, Бийскиде ж-а Тоолуу Алтайда пед. ин-т бар. А. к-да 1319 китепкана, 5 край таануу музейи, 6 театр, 1799 клуб ж. б. мекемелер иштейт.

Ад.: Помус М. И., Западная Сибирь, М., 1956; Советский Союз. Российская Федерация, Западная Сибирь, М., 1971.

АЛТАЙ ПОЛИМЕТАЛЛДУУ КЕН РАЙОНУ — полиметаллдын СССРдеги ири кендери жайгашкан аймак. Район Сов. Алтай тоолорунун түш.-бат. ж-а түн.-бат. капталдарында, уз. 500 *км*, туурасы 50 *км* аянтты ээлейт. Район эки жагынан тектон. терең жаракалар м-н чектелет. Анын аймагында негизинен палеозой заманында пайда болгон чөкмө жанар тоо тектери ж-а гранит интрузиялары жатат. Тоо тектер герцин бүктөлүүсүнөн өзгөрүүлөргө учурап, жаракаланган. Аймакта 800дөн ашык полиметалл кени бар. Алардын көпчүлүгү 18-к-дан тартып белгилүү. Ирилери: Зырян, Лениногорск, Змеиногорск, Березовка, Иртыш ж. б. Кендердеги негизги металлдар: Pb, Cu, Zn, алардан башка кошумча иретинде Au, Ag, Cd, Se, Te, As, Sb, Tn, Ga ж. б. 20дан ашык сейрек кездешүүчү элемент бөлүнүп алынат. Рудалар гранит интрузиялары м-н байланыштуу болуп, тектон. жаракаларга, интрузиянын чет жактарына, антиклиналдык түзүлүштөрдө топтолгон. Кендер герцин металлогениясы доорунда гидротерм жолу м-н пайда болуп, негизинен тарамчалар, линзалар, уячалар түрүндө кезигет.

АЛТАЙ ТИЛДЕРИ — 1) түрк, монгол, тунгус-маньчжур тилдеринин тобун бириктирген тил семьясы. Айрым окумуштуулар буга корея, япон тилдерин да кошушат. Генеалогиялык тектештиги илимде толук далилденбеген. Финн-угор тилдери м-н бирге кээде урал-алтай тилдери деп аталат. Ага кирүүчү тилдердин өз ара жакындыктары да бирдей эмес. Тунгус-маньчжур тилдерине караганда монгол тилдери түрк тилдерине жакыныраак. Жог. үч топ бир нече тилден турат. Түрк тилдеринин тобуна өлүү ж-а азыркы түрк тилдери кирет. Өлүү тилдерге: орхон түрктөрүнүн, енисейлик (байыркы) кыргыздардын, талас жазма эстелигинин, байыркы уйгур, булгар, хазар, кыпчак тилдери; азыркы түрк тилдерине: якут, хакас, шор, алтай, тува, казак, кыргыз, өзбек, каракалпак, түркмөн, татар, башкырт, азербайжан, кумук, карачай, балкар, карайым, гагауз, уйгур, турциялык түрктөрдүн тили; монгол тобуна: халха-монгол, бурят-монгол, калмак (ойрот монгол) ж-а тунгус-маньчжур тобуна: нанай, эвенки (тунгус), маньчжур, эвен (шибе, солон) ж. б. тилдер кирет. А. т-нин тарыхын салыштырып изилдөөчүлөр фонет., граммат. дал келүүлөрдүн кээ бир закон ченемдүүлүктөрүн көрсөтүп, лексикалык окшоштуктарды аныкташат. Ал белгилер: уңгунун тыбыштык жагынан туруктуулугу, өз алдынча лексикалык мааниге ээлиги, куранды, уланды мүчөлөрдүн уңгуга (негизге) *агглютинация* жолу м-н жалганышы, үндөштүк законунун болушу, префикс, предлог, род категориясынын жоктугу, сүйлөм мүчөлөрүнүн ээ, аныктооч ж-а баяндооч иретиндеги орун тартиби сыяктуу көрүнүштөр. 2) Алтай тарабын жердеген алтай, хакас, шор ж. б. элдердин тили ж-дөгү түшүнүктү билдирет.

Ад.: Юнусалиев Б. М., Кыргыз диалектологиясы, Фр., 1971; Рамстедт Г. И., Введение в алтайское языкознание. Морфология, пер. с нем., М., 1957; Котвич В., Исследование по алтайским языкам, пер. с польск., М., 1962.

АЛТАЙ ТИЛИ (1948-жылга чейин — ойрот тили) — РСФСРдин Алтай крайындагы Тоолуу Алтай АОнун жерг. элинин тили. А. т-нде 56 миң адам сүйлөйт (1970). Түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак тобуна жатат. Эки диалектиге бөлүнөт: түндүк (туба, куманды, чалканды), түштүк (алтай-кижи, телеут, теленгит). Түш. диалекти байыркы кыргыз тилинен (5—10-к.) тармакталып, кыргыз тили м-н бир классификациялык топту түзөт. Лексикалык, фонет., граммат. белгилери кыргыз тилине жакын. Лексикасында монгол сөздөрү арбын.



Ч. Алтыкеев.



А. А. Алтымышбаев.

19-к-дын ортосунда телеут диалектин негизге алып, орус алфавитинде жазма ишгелип чыккан. Окт. рев-ясынан кийин А. т-нин жазмасы кайрадан каралып, 1922-ж. алтай-кижи диалектинин негизинде азыркы адабий тили түзүлгөн. 1928-ж. латын, 1938-жылдан орус графикасына негизделген жазууга өткөн.

Ад.: Вербицкий В. И., Словарь алтайского и аладагского наречий тюркского языка, Казань, 1884; Дыренкова Н. П., Грамматика ойротского языка, М.—Л., 1940; Васкаков Н. А. и Тощакова Т. М., Ойротско-русский словарь, М., 1947; Васкаков Н. А., Алтайский язык, М., 1958.

АЛТАЙЛЫКТАР (1922—48-ж. ойроттор деп да аталган) — РСФСРдин Алтай крайындагы Тоолуу Алтай АОнун калкы. 56 миң (1970), түрк тилдерине кирген алтай тилинде сүйлөшөт. Этногр. жактан А. түн. ж-а түш. болуп экиге бөлүнөт. Түндүк А. ар кошкон байыркы самодий, кет, угр, түрк, туба, челкан (лебедин) ж-а кумандин урууларынан чыккан деп болжолдонсо, Түштүк А. байыркы түрк (6—8-к.) урууларынын тукумдары м-н, кийинчерээк (13, 15—18-к.) Алтайга келген монгол урууларынын аралашмасынан чыгыптыр. Түш. А. патриарх.-феод. коомдо жашаган, алгачы шаман динин тутkан. Кыргыз элинин алгачкы этникалык түзүлүшү А. м-н тыгыз байланыштуу. Этникалык процесстеги мындай жакындыктар А. м-н кыргыздардын байыркы мезгилдерден берки байланышынан келип чыккан. Ага айрым үй-бүлөлүк үрп-адаттар күбө. Совет бийлиги убагында А. соц. калкка айланып, өзүнүн экономикасын ж-а мад-тын өркүндөтүп жатат.

АЛТЕЙ (Radix althaea) — дарылык гүлкайырдын тамырын сууга узак чылап коюп алынган дары. Маңызы, көбүнчө какырык жумшарткыч дары катары дем алуу жолдорунун ооруларында ж-а заара жолдору сезгенгенде, колдонулат.

АЛТЫ БАКАН — селкинчек өсүмдүнүн бир түрү. Токой м-н дарагы жок жерде үч бакандын башын бир жагына, үч бакандын башын экинчи жагына байлап, ортосуна селкинчек салынат.

АЛТЫ-БАРАК — Сокулук р-ндагы Ново-Павловка сельсоветине караштуу кыштак. «Красная Заря» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору — Сокулуктан 47 *км*, Фрунзе ш-нан 27 *км* түн.-бат. тарапта жайгашкан. Калкы 522 (1973). Медпункт, балдар бакчасы бар.

АЛТЫГАТ — баркыт, бейкасам ж. б. кездеме капталып, жээгинде төрт эли кызыл же кара манат кыйылган бир түрдүү кийиз. Узуну 1,5 кулач, туурасы эки киши баткыдай жасалып, эки-үч кабатка бүктөлөт. Ал төшөнчү катарында пайдаланылат, жукке кездеме жагы сыртка каратылып жыйылат. А. айрым жерлерде меймандын алдына салынат. А.— азыр жок болуп бараткан буюмдардан.

АЛТЫКЕЕВ Чотур (1905-ж. т.) — СССР Мамл. сыйлыгынын лауреаты (1950), пенсионер. 1933—65-ж. Сокулук р-ндагы Фрунзе атн. с-здо музоочу, уйчу ж-а бригадир болуп иштеген. Улуу Ата Мекен согушка катышкан. Ал өз карамагындагы 120 инек уйду жакшы багып, бир нече жыл бою алардын ар биринен 3000 *кг* дан ашык сүт саап алган. А. уйдун ала-тоо породасын чыгарууга катышкан, бир нече медаль м-н сыйланган.

АЛТЫМЫШБАЕВ Асылбек (1912-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Шалбаа кыш.) — сов. философ, филос. илимд. доктору (1960), проф. Кыргыз ССР ИАнын акад. (1954). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. 1937—1939-ж. Сов. Армияда кызмат өтөгөн. КМПИнин тил ж-а ад-т ф-тетин бүтүргөндөн кийин (1942), Кырг-н КП БКнын аппаратында иштейт. 1948-ж. КПСС БКнын алдындагы Коомдук ИАны бүтүп, Кырг-н КП БКнын алдындагы респ-калык партия мектебинин филос. кафедрасынын башчысы (1948—49), СССР ИАнын Кырг-ндагы филиалынын Тил, ад-т ж-а тарых институтун директору (1949—50), ошол филиалдын Президиумунун пред-лине биринчи орун басар (1950—52), Кырг-н КП БКнын илим ж-а мад-т бөлүмүнө башчы (1952—54), Кыргыз ССР ИАнын вице-президенти, Филос. ж-а укук ин-тунун директору (1954—66), ст. ил. кызматкери (1966—75). 1975-жылдан ошол эле ин-ттун директору. 1973-жылдан СССРдин филос. коомунун Кырг-ндагы бөлүмүнүн, 1960-жылдан респ-калык «Билим» коомунун пред-ли. А-дин ил. эмгектери О. Азия элдеринин соц. мад-тынын калыптануу, өнүгүү закон ченемдеринин кээ бир теориялык маселелерин, кыргыз элинин коомдук-саясий ж-а филос. ой-пикирлинин өнүгүү тарыхын изилдөөгө арналган. Анын эмгектеринде Кырг-нга соц. аң-сезимди, көз карашты жайылтуу учурундагы кыйынчылыктар м-н өзгөчөлүктөр ар тараптан талданып, маркстик идеология кыргыз элинин соц. мад-тынын саясий ж-а теориялык негизи болуп калгандыгы ж-дөгү маселелер кеңири баяндалат. Кийинки убактардагы анын ил. аракеттери Кырг-нга марксизм-ленинизмдин таралыш тарыхына байланышкан проблемаларды чечүүгө арналып жатат. А. Кырг-н КП БКнын мүчөсү ж-а мүчөлүгүнө кандидат (1947—60), СССР Жог. Советинин 5-шайл., Кыргыз ССР Жог. Советинин 3—4, 6-шайл. депутаты ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумуна мүчө болгон. 1973-ж. «Кыргыз ССРинин илимге эмгеги сиңген иштмери» деген ардактуу наам берилген. Эмгек Кызыл Туу, 2 «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: В. И. Ленициин «Материализм жана эмпириокритицизм» деген эмгеги — маркстик философиянын өнүгүшүнүн жаңы баскычы, «Коммунист», 1949-ж., № 7—8; Ф. Энгельстин «Анти-Дюринг» деген эмгегинин философиялык мааниси, «Коммунист», 1951-ж., № 12; Некоторые особенности формирования и развития социалистической культуры народов Советского Востока, Фр., 1958; Некоторые пережитки прошлого в сознании людей в Средней Азии и роль социалистической культуры в борьбе с ними, Фр., 1958; О некоторых особенностях формы перехода народов Средней Азии к социализму, Фр., 1959; Ленин и пропаганда марксизма в Киргизии, Фр., 1967.

АЛТЫМЫШБАЕВ Жолочу [1900-ж. т., Пржевальск у., Тоң болушу (азыркы Тоң р-ну), Көндөй айылы] — кыргыз совет педагогу, Кыргыз ССРинин эмг. сиңд. мугалими (1964). Пед. техникумду бүткөн (1936). А. башталгыч класстарда мугалим (1919—44), Тоң р-ндук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы (1944—45), мектептин директору (1945—54), 1954-жылдан бери М. Горький атн. орто мектепте (Бөкөнбаев кыш.) башталгыч класстарда мугалим болуп иштөгөн. Үлгүлүү иши, бай тажрыйбасын башкаларга да жайылткан. А. респ-калык маанидеги пенсионер (1964). Ленин ордени, медаль ж-а грамоталар м-н сыйланган.

АЛТЫМЫШЕВ Арстанбек Алыбаевич (5. 5. 1930-ж. т., Кемин р-ну, Кара-Булак кыш.) — фармаколог, мед. илимд. доктору (1968), проф., илим ж-а техника б-ча Кыргыз ССР Мамл. сыйл. лауреаты (1970), Кыргыз ССР ИАга мүчө-корр. (1974). 1954-жылдан КПССтин мүчөсү. 1951-ж. КММИни бүтүргөн. 1954-ж. Москвадагы 2-мед. ин-тунан аспирантураны бүтүрүп, «Штеривергия чөбүнүн алкалоидинин фармакологиясы» деген темада

Алты бакан.



кандидаттык диссертация жактаган. 1954—56-ж. КММИнин ассистенти, 1964-ж. Ленинграддагы СССР мед. ИАнын экспериментттик мед. ин-тунда докторантураны бүтүрүп, «Фенапридин байланыштарынын фармакологиясы» деген темада доктордук диссертация жактаган. Семипалатинск мед. ин-тунун ж-а КММИнин фармакология кафедрасынын башчысы (1956—62). 1969-жылдан бери Кыргыз ССР ИАнын Орг. химия ин-тунда фармакология ж-а физиол. активдүү заттар лабораториясынын жетекчиси. А.—100дөн ашуун ил. эмгектин, ассересе 20 өйлөп чыгаруунун ж-а монографиянын автору. А. а. ч-на ж-а мед. ө. ж-на жаңы дары — ликорин-ди, тамак-аш ө. ж-на «Арашан» кыргыз бальзамын сунуш кылып, СССРдин автордук күбөлүгүнө ээ болгон.

Чыг.: Жугуштуу оорулардан кантип сактануу керек, Фр., 1955; Адамдын анатомиясынын атласы (И. К. Ахунбаев м-н автордош), Фр., 1967; К фармакологии группы алкалоидов производных фенантридина (ликорин, унгерин, тацеттин, галантин), Семипалатинск, 1959; Лекарственные богатства, Фр., 1974.

АЛТЫН (лат. Aurum), Au — Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасынын 1-тобундагы хим. элемент, ат. н. 79, ат. м. 197. Туруктуу бир ^{197}Au изотобу бар. А.— байыркы убактан бери адамдарга белгилүү асыл металл. Жаратылышта таза, уган же майда кум-топуракка аралашкан түрүндө жолугат. А.— жумшак, созулгуч, жалтырак, сары түстөгү металл, эрүү t 1064,43°C. Хим. активдүүлүгү начар; кычкылтек, суутек, азот ж-а көмүртек м-н жог. темп-рада да кошулбайт. Хлорду А-дын күкүмдөрү м-н 140—150°C ысытканда, хлордуу А. ($AuCl_3$) пайда болот. А-дын башка бирикмелерин алуу үчүн баштапкы сырьё — $AuCl_3$. Ал 1 көлөм азот ж-а 3 көлөм туз к-тасынын, күкүрт ж-а азот к-тасынын аралашмаларында ж-а цианduу натрийдин суудагы эритмесинде гана эрийт. Хим. бирикмелеринде 1 ж-а 3 валенттүү, бирикмелери туруксуз. Кычкылдары (Au_2O, Au_2O_3) кыйыр жолдор м-н, б. а. суу кычкылдарын $AuOH$, $Au(OH)_3$ ысытуудан алынат. А-дын суу кычкылдарына жегичтер м-н таасир этүүдөн аның туздары алынат. А-ды көпөн ажыратуу үчүн аны майдалап, ылгагандан кийин, абаны үйлөтүү м-н цианduу натрийдин эритмесинде иштетилет да, цинктин жардамы м-н бөлүнүп алынат. Пайда болгон А-ды күкүрт к-тасынын эритмеси м-н жуун, чыпкалайт. Техникада башка металлдар м-н куймаларды даярдоодо, зергерлик буюмдарды жасоодо ж-а медицинада кеңири колдонулат.

АЛТЫН (экономикалык мааниси) товар өндүрүшүнүн шартында жалпы эквивалент ролун аткарат, К. Маркстын аныктамасы б-ча, товарлар дүйнөсүндө 1-иреттө наркты чендөөчү материал катарында кызмат кылат. Товардык өндүрүштүн өнүгүшү м-н бирге соода-сатык да өнүгөт. Мындай шартта алтын бардык товарлардын ичинен бөлүнүп чыгып, жалпы эквивалент катары жүрө баштайт. А. аркылуу башка товарлардын нарктары аныкталат. Мындай ролду А., биринчиден, башка товарлардай эле өз нарктү болгондуктан гана аткара алат. Өз кезегинде аның нарктү өндүрүүгө зарп кылынган коомдук эмгектин көлөмү м-н ченделет. Экинчиден, А. товарлар дүйнөсүндө акча катарындагы кызматын өзү товарга айлангандан кийин гана аткарат. Ошентип, А-дын табигый касиети эмес, коомдук өндүрүштүн мамилеси аны акчага айландырат. А. тыйын чыгаруу үчүн колдонулат жө уютулган түрүндө А. запасы катары сакталат. А-дан асыл буюмдар жасалат. А. акча катары байыртан бери эле урунулуп келген, капиталдын мезгилинде ал акча системасынын негизи болуп калат. А-дын өзү бардык товарларга ж-а товар өндүрүүчүлөргө үстөмдүк кылуу укугуна ээ болот. А-дын бийлиги, жумушчу күчү товарга айлангандан тартып, өзгөчө күчөйт. Дүйн. рынокту пайда болуну А-ды дүйн. акчага айландырды. Социализм коомунда А. нарк чени катары өз кызматын мамл. банк билеттери ж-а казна билеттери аркылуу аткарат.

АЛТЫН — Калинин р-ндагы Сарыкоо сельсоветине караштуу кыштак. «Победа» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору — Калининден 16 *км* түн.-чыг. тарапта, Кара-Балта т. ж. станциясынан 17 *км*. Калкы 874 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АЛТЫН КАЗЫК — Кичи Жетигендин оң жарык жылдызы. А. к. дүйнөнүн түн. уюлунан 1°ча алыстыкта тургандыктан, Уюл жылдызы деп да аталат. Асмандагы бардык жылдыздар суткалык айлануу мезгилинде асман сферасында бири бирине жарыш айланаларды сызат. А. к. жылдызы гана ордунан козголбогондой болуп байкалат (чындыгында ото кичине айлананы сызат). Жердеги байкоочулар А. к. аркылуу уюлду ж-а анын бардык тарабын аныктай алат. Асман сферасындагы жылдыздар А. к-ка салыштырылып аныкталат.



А. А. Алтымышев.

«АЛТЫН КЫЗ» — алгачкы кыргыз муз. драмасы. Либреттосун Ж. Бөкөнбаев, музыкасын В. Власов м-н В. Фере жазган. Адегенде (1937) кыргыз драма театрына (реж.— Ө. Жетикашкаев, балетмейстери — Н. Холфин, сүрөтчүсү — Г. Айтиев, дирижёру — Ш. Орозов, хормейстери — П. Меркулов), кийин (1949) Кыргыз мамл. Ленин ордендүү акад. опера ж-а балет театрында (режлору: А. Куттубаев, К. Эшимбеков, дирижёру — А. Жумакматов, сүрөтчүсү — А. Арефьев) коюлган. Башкы ролдорду аткаргандар: А. Куттубаева (Чынар), А. Боталиев (Жапар), А. Малдыбаев (Кузнецов), Б. Бейшенбаева (Чынардын энеси), М. Кыштобаев (Берик дубана), К. Жантөшев (Момуш), К. Эшимбеков (Калыбек ырчы). «А. к.» драмасында коллективдештирүү мезгилиндеги кыргыз калкынын турмушундагы орчундуу учурлар: ички душмандарга каршы баатырдык күрөшү, жаңыча жашоого умтулган жалындуу деми, эркин эмгеги, келечекке болгон ишеними, жаңы коомдун түзүлүшү м-н кошо жаралып жаткан жаңыча мааниледин орношу баяндалат. Хор, симф. оркестр өндүү муз. татаал

«Алтын кыз» музыкалуу драмасынан 5-көрүнүш. 1938.





Чыпар — А. Куттубаева, Момуш — К. Жантөшев. 1938.

формалар м-н али бейтаанып кыргыз угармандарынын көркөм табит-таламдарынан улам элдик күү-обондордун негизинде жөнөкөйлөштүрүп жазылган. «А. к.» узак убакыттар бою сахнада коюлуп келген. Ага толуктоолор, өзгөртүүлөр киргизип, тереңдетип иштеп чыгып, В. Власов м-н В. Фере операга айлантkan (1974).

АЛТЫН МЕДАЛЬ — окуудагы, эмгектеги эң жакшы ийгиликтери ж-а үлгүлүү жүрүш-турушу үчүн орто мектепти бүтүргөндө берилүүчү сыйлык. Ал СССР ЭКСтин 1944-ж. 21-июндагы токтому м-н чыгарылган. А. медаль м-н 9—10—11-класстарда бардык сабактарынан ж-а бүтүрүү экзамендерин «5»ке тапшырган, мектептин коомдук иштерине активдүү катышкан окуучулар сыйланат. А. медалды берүү ж-дө мектептин педсовети кабыл алган чечимди өйдө жактагы эл агартуу органдары бекитет. А. медаль м-н сыйлангандар жог. окуу жайына кирүүдө кабыл алуу эрежелеринде белгиленген жеңилдиктерден пайдаланышат.

АЛТЫН ОРДО, Жучу улусу — 13-к-дын 40-жылдарынын башында хан *Батый* негиздеген феод. мамлекет. А. о. хандарынын бийлиги: Батышта — Дунайдын аяк жагы м-н Фин булуңуна чейинки, Чыгышта — Иртыш алабы м-н Обь д-нын аягына, Түштүктө — Кара, Каспий ж-а Арал деңиздери м-н Балхаш көлүнө, Түндүктө Новгород жерлерине чейинки терр-яга жеткен. А. о-нун борбору адегенде Сарай-Бату (азыркы Астраханга жакын), кийин Сарай-Берке (Азыркы Волгоградга жакын) болгон. А. о. жасалма, түбү бош, ар кошкон элден куралган мамл. бирикме болгон. Анын калкынын составы да ар түркүн. Отурукташкан аймактарда волгалык болгарлар, мордвалар, орустар, гректер, хорезмдиктер ж. б. жашашкан. Көчмөн калктын көбү түрк урууларынан — кыпчактар, кангайлар, татарлар, түркмөндөр, кыргыздар ж. б. эле. Калктын коомдук ж-а маданий өнүгүү деңгээли да түрдүүчө келип, көчмөн элдеринде чала патриарх., чала феод. мамилелер, отурукташкан р-ндорунда феод. мамилелер өкүм сүргөн. А. о. хандары карамагындагы калктарды талап-тоноо саясатын жүргүзгөн. Жердин ж-а жайыттардын көпчүлүгүн монгол феодалдары ээлеп, эмгекчи калк аларга алык-салык төлөп турган. Шаарларда кол өнөрчүлүк өнүккөн, анда башка жактан келген усталар иштеген. А. о. хандары басып алган шаарлардын көбү бүлүнүп, айрымдары биротоло ойрондолгон. Мамлекеттин башында Батыйдын тукумунан чыккан хандар турган. Мамл. иштерди «бектердин бектери» башкарган, айрым тармактарын вазирлери жүргүзгөн. Алык-салыкты даругдар же баскактар жыйнаган. Мамл. түзүлүшү жарым аскерлик мүнөздө болгон, анткени аскерлик ж-а админ. кызмат бөлүнгөн эмес. Мамл. бирикменин түбү боштугу ж-а багындырылган калктын бошт. күрөшү А. о-нун быдырашына, акыры кыйрашына себеп болгон. Хандыкты адегенде Жучунун 14 уулу улустарга энчилеп бөлүп алган. Кийинчерээк алардын мурасчыларынын ортосунда феод. согуштар чыккан. 1357—80-ж. аралыгында А. о. тактысында 25тен ашын хан орун алмашкан. 14-к-дын 60-жылдарынын башында А. о-дон Хорезм бөлүнүп чыгат, Польша ж-а Литва Днестр алабындагы жерлерди басып алат, Астрахань өзүнчө бөлүнүп кетет. Биримдешкен орус княздыктарынын аскерлери 1380-ж. *Куликовдогу салгылашууда* жаңы жортуулга чыккан татарларды талкалайт. 1395—96-ж. Тимур А. о. аскерин ойрондоп, Сарай-Беркени каратат. Ушундан кийин А. о. оңоло албай калат. 15-к-дын 20-жылдары *Сибирь хандыгы*, кийинчерээк *Ногой ордосу*, *Казань хандыгы* ж-а Крым хандыгы түзүлөт, андан соң казактардын, өзбектердин ж-а астрахандыктардын өз алдынча хандыктары бөлүнүп чыгат. 1480-ж. орустар татар-монгол зомбулугунан биротоло бошонот. Чоң ордо 16-к-дын башында жоюлуп кетет.

Ад.: Греков Б. Д., Якубовский А. Ю., Золотая орда и её падение, М.—Л., 1950.

АЛТЫН РУДАЛАРЫ — составында казып алчу алтыны бар тоо тектер. А. р-нын кендери кездешүү өзгөчөлүгүнө жараша алгачкы (коренное) ж-а чачынды (россыпь) болуп бөлүнөт.

Алгачкы кен катуу тоо тектерде гана кезигет. Пайда болуу шарттарына жараша магмалык, пегматит, скарн, гидротерм кендери, ал эми рудалардын формалары б-ча тарамдар (жилы), линза, кабат (залежь) ж. б. түрлөргө бөлүнөт. Тарамдардын калыңд. бир нече *см* ден 1—2 *м* ге жетип, кээде андан да калың болот, тереңдиги м-н узундугу ондогон *м* ден бир нече *км* ге созулат. Алгачкы кендер негизинен кембрийге чейинки мезгилдин ж-а палеозойдун граниттери (кварц тарамдары түрүндө) м-н жанар тоо тектеринде, минералдашкан ж-а кварцташкан метаморфизм тоо тектеринде кездешет. А. р-нын минералдык составы ар түрдүү: көбүнчө алар кварцтан ж-а темирдин сульфиддеринен (пирит, марказит) турат, кээде мышьяк (арсенопирит), жез, коргошун, цинк, висмут, сурьма, күмүш ж-а карбонаттар кезигет. Составы ж-а пайда болуу шарттарына жараша А. р. төмөндөгүдөй негизги формацияларга бөлүнөт: 1) алтын сульфид-кварц формациясы — сульфиддер 0,5—30%ке чейин жеткен кварц тарамдары ж-а тарамчаларынан турат. Мында алтын майда ж-а чоңураак өлчөмдө болуп, бардык жерде бирдей таралбайт, ал 10—50дөн 1000 *г/т* га жетет; 2) сульфиддер — тарамчалар ж-а бүртүкчөлөр түрүндөгү минералдардын зонасы, алтын өтө майда, ал 1—2 *г/т* дан ашпайт. Кээде жез-колчедан ж-а полиметалл кендеринин кычкылдануу зоналарында алтындын топтолушу жүргөндүктөн, алардын ө. ж-лык мааниси бар.

Чачынды кен алгачкы кендин талкаланып, башка жерге суу м-н агып барып топтолушунан пайда болот. Мындай кенде А. р. борпоң (кум, шагыл ж. б.) тоо тектердин арасында бош түрүндө жолугат. Адетте, алтын бөлүкчөлөрүнүн өлчөмү эң эле кичинекей, сейрек учурда гана чоңураак өлчөмдө болот. Алар «уюган нак алтын» (самородок) деп аталат. Чачынды кендер элювийдик, аллювийдик, делювийдик, деңиздик болуп бөлүнөт. Алгачкы кендеги алтынды бөлүп алуу үчүн А. р-н талкалап жанчып, анан *амальгамалоо* же цианирлөө методдору колдонулат. Чачынды кендердеги алтын атайы жабдылган поолордо жуулуп, тундуруу жолдору м-н бөлүнөт. Алтындын ири кендери СССРде: Ы. Чыгышта (Чукотка, Колыма-Индигир), Өзб-нда (Мурунтау), Уралда (Березовск), Каз-нда (Степняк) ж. б. жерлерде белгилүү. Кырг-нда Насонов, Куранжайлоо ж. б. алтын кендери табылган. Чет өлкөлөрдө: Түш. Африка Респ-касында (Витватерсранд), Ганада, Америкада (Канада, Онтарио провинциясы, Юкона д-нын нугу), АКШ-да (Аляска, Калифорния, Түш. Дакота), Австралияда (Виктория штатындагы Балларат ж-а Бендиго кендери) жайгашкан.

Ад.: Фосс Г. В., Золото (типы месторождений, история добычи, сырьевые базы), М., 1963; Смирнов В. И., Геология полезных ископаемых, изд., 2-е М., 1969.

АЛТЫН ЭРЕЖЕ (статикада) — жөнөкөй механизмдердин (рычаг, жантык тегиздик, чыгырык ж. б.) жардамы м-н жумуш аткарууда (сүрүлүүнү эсепке албаганда) кыймылдаткыч күчтүн жумушу оордук күчтүн жумушуна барабар болуу закону. Мис., рычагды колдонууда аралыктан канча эсе уттурсак, күчтөн ошончо эсе утабыз, б. а. $Ph_1=Qh_2$, P — оордук күчү, Q — кыймылдаткыч күч, h_1, h_2 — тиешелүү аралыктар. А. э. табияттын бир кыйла жалпы закону — энергиянын сакталуу ж-а бир түрдөн экинчи түргө айлануу законун аныктоого негиз түздү.

АЛТЫНСАРИН Ыбырай (2. II. 1841—30. 7. 1889) — казак элинин педагог-агартуучусу, жазуучу ж-а коомдук ишмер. Орус мектебин (Оренбург) бүтүп, 1860-жылдан Торгой обл-дагы мектепке орус тил мугалими, 1879-ж. Торгой обл-нын элдик казак мектептеринин инспектору болуп иштеген. Окуу казак тилинде жүргүзүлгөн училище-интернат ж-а болуштук орус-казак мектеп-интернатында билим берүү системасын иштеп чыккан. Торгой обл-да иштеп жүргөндө казак балдар үчүн интернаты м-н 2 класстык 4 окуу жайын, 7 болуштук баштапкы мектепти, Орскиде казак мугалимдер мектебин, Торгойдо кол өнөрчүлөр окуу жайын, Ыргызда кыздар мектеп-интернатын ачкан. А. 1879-ж. «Кыргыз (казак — ред.) хрестоматиясы», «Кыргыздарга орус тилин үйрөтүүнүн баштооч колдонмосу» деген окуу китептерин түзгөн. Казак тилинде тамсилдер, аңгемелер жазып, Л. Н. Толстойдун, И. А. Крыловдун чыг-ларын которгон. А-дин филос. көз карашы анын агартуучулук, педагогдук, экон. көз караштары м-н тыгыз байланыштуу. В. Г. Белинский, Н. Г. Чернышевский, Н. А. Добролюбов, Ж. Ж. Руссо, Г. Гегель, чыгыш, араб философторунун эмгектери м-н таанып болгон. А-дин чыг-лары, каттары, баяндамалары дүйнөгө матер. көз карашта жазылган. А. атеист-педагог катары динге каршы күрөшкөн.



Ы. Алтынсарин.

АЛТЫН-ТАГ — Борб. Азиядагы тоолор; Кытайдын батышындагы Куньлунь м-н Наньшандын ортосунда түш.-батыштан түн.-чыгышты көздөй созулуп, Тарим ж-а Цайдам ойдуңдарын бөлүп турат. Уз. 800 *км*, дайыма кар, мөңгү каптап жаткан жеринин бийикт. 6160 *м*. Бат. жагы өтө тилмеленген, түн. капталы тик, түштүгү тайпак. А.-Т. көбүнчө гнейс, кристаллдуу сланец, филлит сыяктуу байыркы тоо тектеринен түзүлгөн. Хромит, коргошун, никель, цинк, платина кендери бар. Климаты кургак, кескин континенттик, эң ири д-сы — Черчен. Тоо этектери жарым чөлдүү, шагылдуу. Өрөөндөрүндө негизинен чекенде, сексеол, жылгын, бийик тилкелерде альпы шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Көпчүлүк жери такыр, чаптуу. Айбанаттардан жапайы топоз, антилопанын айрым түрлөрү кезигет.

АЛТЫН-ХАН МАМЛЕКЕТИ — Монголиянын түн.-батышында 16-к-дын аягында түзүлгөн мамлекет. Борбору Убсанур көлүнүн жанында болгон. 16-к-да Монголиянын бытырап бөлүнүшүнүн натыйжасында бир канча майда феод. хандыктар түзүлгөн. Ошолордун бирин—А.-х. мамлекетин монголдордун феодалы Шолой Убаши хунтайжи негиздеген. Бул мамлекеттин хандары өз ысымдарын аташпастан, «алтын ханбыз» дешкен. Ошондон улам бул мамлекет «А.-х. м.» деп аталат. Бийлик жүргүзгөн жерлеринин чеги: Түштүктө Монгол, Алтай тоосунан, Түндүктө Саян тоолоруна чейин, Чыгышта Далгар-Мурэн өзөнүнөн ж-а Батышта Ямышев көлүнө чейин созулган. Мамлекеттеги эл массасын түзгөн «араттардын» үстүнөн бийликти хандарга жакындашып алган феодалдар жүргүзгөн. Араттар аларга салык төлөп турушкан, ар түрдүү феод. милдеттүүлүктөрдү аткарган. Экономикасынын негизин көчмөн мал чарбачылыгы түзгөн. «Алтын хандар» коңшулаш элдерге үстөмдүк кылууга аракеттенишкен. Алардын куралдуу отряддары Саян тоолорунан өтүп, Минусин ойдуңундагы ж-а Алтай жериндеги уруулардан күч м-н салык жыйнашкан. Енисей кыргыздары көз каранды эместиги үчүн А.-х. м. жоюлганга чейин күрөшкөн. 17-к-дын ортосунда Борб. Азияда феод. майда хандыктардын кагылышуусунун ж-а өлкөдөгү уруулардын кармашуулары натыйжасында А.-х. м. начарлай баштайт. Ошол учурда күч алып келе жаткан *Жунгар хандыгы* А.-х. м-не кол салып, акыркы ханы Лубсан тайжинин аскерлерин 1667-ж. талкалап, хандын өзүн колго түшүрөт. Ушундан кийин А.-х. м. жоюлуп, Жунгар хандыгынын карамагына өтүп кеткен.

Ад.: Шастина Н. П., Алтын-Ханы Западной Монголии в XVII в., «Советское востоковедение», 1949, № 6; Абдыкалыков А., Енисейские киргизы в XVII в., Фр., 1968.

АЛТЫН ЧАБАК, к. *Чабактар*.

АЛТЫНЧЫКТАР (Buprestidae) — коңуздар түркүмүнө кирүүчү тукум. Көлөмү ар түрдүү. Денеси көбүнчө узунураак келип, алтын сыяктуу жалтырак катуу кабыктуу. Мурутташы араа сымал, таманы беш муунактуу, илбериңки. Личинкасы ак, буттуу, илбериңки. Личинкасы ак, буттуу, көзсүз, көп түрлөрүнүн алдыңкы көкүрөгү жазы келет. Кээде денеси дээрлик цилиндр сымал, личинкалары кабыктын астында, бактардын бутактарында, сөңгөктөрүндө, майда түрлөрү гүлдөрдө, жалбырактарда жашайт. Өөрчүшү 1—3 жылга чейин созулат. А. бак-дарак кабыктарынын жаракаларына, чоптөргө жумурткалайт. Личинкалар өсүп жетилген жеринде куурчакчага айланат. Булар жай ысык болгон жылы ылдам көбөйөт, аларды жоготуш үчүн хим. уулантуучу заттар колдонулат. А-дын жер шарында 9 миң түргө жакыны белгилүү, 500 түрү СССРде кездешет. Кырг-нда алардын көбүрөөк таралып, зыян келтире турган түрү — теректин кичине алтынчыгы.

АЛУНИТ — таалл сульфаттар тобуна кирүүчү минерал. Хим формуласы $KAl_3[SO_4]_2(OH)_6$. *Тригон системасында* кристаллданат. Өңү ак келип, кээде ага бозомук же саргыч ж-а кызгылт түстөр кошумчаланып турат. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3,7—4,5. Салышт. салм. 2,58—2,75. Калийлүү талаа шпатынан турган жанар тоо тектерине күкүрт кычкылдуу гидротерм эриндилеринин ж-а алюм. кычкылына бай тоо тектерге жер бетиндеги сульфаттуу суулардын тийгизген таасиринен пайда болот. А-түү тоо тектерден *ачык таш*, алюм. кычкылы, калий туздары ж. б. алынат.

АЛФАВИТ — бир тилдеги сөздөрдү жазуу үчүн колдонулуучу тамгалардын белгилүү тартип б-ча жайгаштырылган системасы. А. гректин «альфа» ж-а «бета» («вита») деген алгачкы эки тамгасынын атынан келип чыккан. А. б. з. ч. 2000-жылдын акырында пайда болгон. Азыркы улуттук жазуулардын көбү латын, араб, славян (кириллица) А. м-н *деванагаринин* негизинде түзүлгөн. Кыргыздар реформаланган араб, латын, кийин орус А-не өткөн. Азыркы кыргыз А. кыргыз тилинде *алиппе* деп да айтылат.

АЛФАВИТ-ЦИФРАЛУУ БАСУУЧУ ТҮЗҮЛҮШ — электрондук эсептегич машинада (ЭЭМ) эсептеп чыгаруунун натыйжаларын тамга-сандуу текст, график ж-а таблица түрүндө кагазга басуучу түзүлүш. А.-ц. б. т. машинадан чыккан жыйынтыктарды кабыл алып, аны каттоочу бөлүктүн басылуучу ордуна жайлаштыра турган башкаруучу блоктон, алынган информацияны басууга команда келгенче сактап туруучу электрондук блоктон, каттоочу бөлүктөгү экилик системада жазылган (сакталган) информацияны 8дик, 10дук системага же тамгага айландырып кагазга басууну аткаруучу блоктон турат. Электр мех. А.-ц. б. т-төр м-н катар кагазга каттоонун электрогр., фотогр. ж-а электр-жылуулук методдорунун негизинде иштөөчү мех. эмес түзүлүштөр да колдонулат. Басылуучу саптары (64—256 тамга) жарыш түшүрүп, тез иштөөчү А.-ц. б. т. 1 *сек* да 1000 тамга баса алат. Борбордоштурулган эсептөө системаларында иштеген А.-ц. б. т. ЭЭМден алыс орнотулган учурда информациялар байланыш каналы б-ча алынат.

АЛХИМИЯ (лат. alchimia) — о. кылымда Бат. Европада кеңири таралган мад-ттын өзгөчө бир көрүнүшү.


М. Алыбаев.


К. Алыбекова.


Н. Алымбеков.


Алымкул Үсөнбаев.

Алхимиктер кереметтүү заттын, б. а. «философиялык таштын» жардамы м-н жөнөкөй металлдарды асыл металлдарга айландыруу жолун издешкен. А. күч алып турган мезгилде (4—16-к.) баалуу бирикмелер м-н аралашмалар (боёк, айнек, эмаль, металл куймалары, кислоталар, жегичтер, туздар, дары-дармектер) ачылып, аларды алуунун жолдору өздөштүрүлөт. Греция-египет А-сынын негизги жетишкендиктери — рудадан металлдарды алуу, металл куймаларын даярдоо д. у. с. болгон. Арабдар дарыларды жасоодо түрдүү орг. заттарды пайдаланышкан. Алхимиктер о. кылымдагы табигый илимдерди системага салууга аракет жасашкан.

АЛЧА — роза гүлдүүлөр тукумуна кирүүчү мөмө дарагы. Бийикт. 3—7 *м.* Гүлү ак. Мөмөсү тоголок, сүйрү тартып, кызыл, мала кызыл, сары, кара кочкул болот. Азыр А-нын 10го жакын түрү белгилүү. Дүйнөнүн көп жеринде кездешет. Тянь-Шань ж-а Памир-Алай тоолорунда А-нын о. азиялык (Prunus sagdiana vass) түрү кеңири таралган. А. дарагынын бир түбү 300 *кг* га чейин түшүм берет. Мөмөсүндө 10% кант, 1,5—4% алма ж-а лимон к-талары, 0,3—1,5% С витамини бар. Андан компот, варенье, повидло, шире ж-а шарап жасалат. Тоо шартында өсүп, ысык-суукка чыдамдуу келгендиктен, А-ны өрүк, чиенин жаңы сортторун чыгарууда пайдаланышат. А. айрыкча Түш. Кырг-нда кеңири таралган, анын катын жаңгак ж-а жапайы өрүк м-н чаңдашкан аргыны Ала-Бука, Көгарт тоолорунда кездешет.



АЛЧАЛУУ — Чүй р-нундагы Калиновка сельсоветине караштуу кыштак. «Алчалу» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Старо-Покровкадан 18 *км* түш. тарапта, Токмок т. ж. станциясынан 18 *км*. Калкы 657 (1974). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

АЛЫБАЕВ Мидин (1917, Жумгал р-ну, Чаек кыш.,— 1959, Фрунзе) — кыргыз совет акыны ж-а драматургу. 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. 1931-ж. Фрунзедеги педтехникумда, 1935—36-ж. бир жылдык комсомолдук курста окуган. 1936—38-ж. «Ленинчил жаш» газетасынын редакциясында иштеген. 1938—40-ж. Сов. Армиянын катарында кызмат кылган. Согуш ж-а согуштан кийинки жылдарда респ-калык газета-журналдардын редакциясында иштеп жүргөн. Чыг-лык иши 1934-ж. башталган. «Бактылуу жаштык» (1937), «Ырлар жыйнагы» (1938), «Ырлар жыйнагы» (1947), «Жаңы ырлар» (1948), «Ак чүч» (1957) деген ыр жыйнактары жарык көргөн. Акындын поэтикалык мурасы «Мидин» деген бир томдукка (1967) жыйналып басылган. Орус тилинде «Разговор с современником» деген ырлар жыйнагы (1958) чыккан. А. өз поэзиясында назик лиризм м-н өткүр сатиралык пафосту, фольклор м-н профессионал ад-ттын салттарын айкалыштыра билген. А-дин мыкты поэтикалык чыг-сы — «В. В. Маяковскийге акындык отчет» деген поэмасы. А.— бир канча очерк, аңгеме, фельетондордун автору. Ал бир нече драмалык чыгарма да жазган. Мис., «Курорттогу окуя», «Жантектин кереэзи» ж. б. Бирок анын жазуучулук дидары негизинен поэтикалык чыгларында айкын көрүнгөн. А. чебер котормочу катары да белгилүү.

Чыг.: Тандалган чыгармалар, Фр., 1967; Разговор с современником, Фр., 1958.

Ад.: Укаев К., Мидин өлбөйт, «Ала-Too», 1960, № 1; Самаганов Ж., Бир жыйнакка арналган үч макала тууралуу, «Советтик Кыргызстан», 1948, № 1; Шүкүрбеков Р., Мидин — акын, «Ала-Too», 1960, № 1; Карымшаков С., «Жылдыздуу ырлар» (М. Алыбаевдин туулганына 50 жыл толушуна карата), «Ала-Too», 1967, № 10; Жирков А., Беспокойная муза Мидина, в его кн.: Поэзия жизни, Фр., 1967.

АЛЫБЕК — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нундагы Караван сельсоветине караштуу кыштак. Фрунзе атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору — Каравандан 3 *км* түн. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 68 *км*. Калкы 587 (1974). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

АЛЫБЕКОВА Карачач (1895—1960) — Кыргыз ССРинин Москва р-нундагы Октябрдын 40 жылдыгы атн. к-здун ст. чабаны. Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1941-жылдан колхоздо ст. чабан болуп иштеп, жыл сайын мыкты көрсөткүчтөргө жетишип келген. Ал 1957-ж. ар жүз тубар койдон 111 козу, ар койдон 3,2 *кг* жүн кыркып алган. Ленин ордендүү.

АЛЫКУЛОВ Барпы (1884—1949) — кыргыз эл ырчысы, кыргыз оозеки поэзиясынын классиги, к. *Барпы Алыкулов.*

АЛЫМ САБАК — айтыш ырынын бир түрү. Айтышкан акындардын бири ырдаса, экинчиси дароо аны улантып бир кишинин ырындай кылып бүтүрөт. А. с. аркылуу чоң акындар шакирттерин төкмөлүккө, акындык чеберчиликке үйрөткөн. Токтогул м-н Калыктын «Анжиян тарабында», Токтогул м-н Алымкулдун «Акбары» аттуу айтыштары А. с-тын үлгүсү болуп саналат.

Текст: Айташтар, 1-т., Фр., 1972.

Ад.: Закиров С., Токомбаева А., Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүгү, Фр., 1964; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки, Фр., 1973.

АЛЫМБЕКОВ Накайбек (1934-ж. т.) — Фрунзедеги «Кыргызавтомаш» з-дунун слесарь-инструментальщиги. Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1968-жылдан КПССтин мүчөсү. А. эмгек жолун 1951-ж. Фрунзе атн. а. ч. машиналарын куруу з-дунда баштаган. 1955-жылдан тартып «Кыргызавтомаш» з-дунда эмгектенүүдө. Ал 8-беш жылдыкты мөөнөтүнөн мурда орундатып, 1973-ж. өз планын 160% аткарган. 2 Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Кырг. ССР Жог. Советинин (9-шайл.) депутаты.

АЛЫМКУЛ Үсөнбаев (1896, Талас өрөөнү, Кара-Арча кыш.,—1963, Фрунзе) — кыргыз эл ырчысы, кыргыз оозеки поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү, Кыргыз ССР эл артисти (1939). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей жаатынан чыккан. Атасы Үсөнбай бирөөлөрдүн ар түрдүү жумушун аткарып, өз эмгеги м-н күн көрүп келген адам болгон. А. 12 жашка келгенде ата-энесинен ажырап, томолой жетим калат. Ар кайсы туугандарынын колунда жүрүп, жалданып иштеп, өз жанын өзү бага баштайт. Өзү эзилип, карапайым эл м-н бирге болуп, аларга түшкөн оорчулукту жаштайынан кошо тартуу болочок ырчынын чыг-лыгынын элдик багытта өнүгүшүн шарттайт. А-дун ырчылыгы эрте башталган. Ал 14 жашка келгенде эле ыр чыгарып, комуз чертип, эл арасына таанылат. Анын алгачкы ырлары көбүнесе жаттап алган элдик ж-а өзүнүн жеке турмуш абалына, махаббат темасына арнап чыгарган ырлар болгон.

Анан барган сайын акырындап ырчынын социалдык тажрыйбасы арта берет, ырларынын тематикасы кеңе-

йип, маани-мазмуну жакшырып отурат. А. 25—26 жашка келгенде бүтүндөй Талас өрөөнүнө таанымал болот. Ушул учурдан анын ырчылык турмушунда бурулуш мезгил башталат. А. кыргыздын улуу демократ ырчысы Токтогул м-н жолугат. Жаңыдан көз карашы калыптанып келаткан жаш ырчыга Токтогул акыл-нускасын айтып, ээрчитип жүрүп өнөрүн үйрөтөт, чыг-лык туура багыт берет. Улуу ырчы м-н жолугушуу А-дун бүтүндөй ырчылык тагдыры үчүн зор мааниге ээ болгон. А. Окт. рев-ясы жеңгенден кийин, жаңы доорду даңазалап, эл бактысын, эркиндикти, партиянын, Лениндин ишин жар салып чыгат. Ал 1931-ж. ошо кездеги Покровка р-нундагы «Арал» к-зуна мүчө болуп кирет. Ыры м-н да, иши м-н да колхоз курулушун чыңдоого активдүү катышат. Жаңырган колхоз турмушу ырчынын негизги темасына айланат. А. 1936-ж. Кырг-н мамл. филармониясына солист-импровизатор болуп кирет. Жаңы шарт, жаңы чөйрө, респ-канын колхоз-совхоздорун аралап, соц. курулуштун алдыңкы чектеринде эмгектенип жаткан жаңы адамдар м-н таанышуу А-дун ырчылык диапазонун кеңейтип, ырларынын идеялык маңызын тереңдетип, көркөмдүк күчүн ашырат. Бул сапат анын 1938-ж. чыккан «Ырлар» аттуу 1-жыйнагынан даана байкалган эле. Ошондон бери анын «Ырлар жана поэмалар» (1940), «Согушуп жаткан эрлерге» (1942), «Ырлар жыйнагы» (1947), «Комуз» (1949), «Улуу дос» (1950), «Тынчтык жана эмгек тууралуу ырлар» (1954), «Тандалган ырлар» (1955), «Тоо булбулу» (1956), «Биринчи бригада» (1957), «Тандалган чыгармалар жыйнагы» (1960) ж. б. болуп отуздай китеби жарык көрөт.

Улуу Ата Мек. согуш учурунда А. элди жеңишке үндөп, сов. жоокерлердин эрдигин даңазалаган патриоттук ырларды чыгарат. Партиянын акылман саясаты, элдердин бузулбас достугу, өлкөнүн жаңы ийгиликтери, коммунисттик курулуштун каармандары анын ырдап бүтпөс темасы болуп кала берет. А. кыргыз элинин эпикалык чыг-ларын эң жакшы билген. Андан «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй», «Кожожаш» дастандары жазылып алып, жарыяланган. А. чебер комузчу ж-а уккулуктуу үнү бар мыкты аткаруучу да болгон. Өзгөчө ал өзүнүн улуу устаты Токтогулдун обон-ырларын өтө мыкты аткарган. А. макалалар, Токтогул ж-дө жазылган бир нече баалуу эскерме калтырган. Улуу демократ ырчы Токтогулдун ырларын жыйнап бастырууда А. зор эмгек сиңирген. А-дун бир нече ыр китеби орус тилине которулган. А.— Кыргыз ССР Жог. Советинин төрт жолку шайл. депутаты. Респ-када А-дун ысымына коюлган көчөлөр, мектептер бар. Ал Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а бир нече медаль м-н сыйланган.

Чыг.: Ырлар, Фр., 1938; Тандалган чыгармалардын бир томдугу, Фр., 1973; Присяга, Фр., 1941; Моя земля, Фр., 1954;

Ад.: Байходжоев С., Алымкул Үсөнбаев, Фр., 1962; История киргизской советской литературы, М., 1970; Виноградов В. С., Токтогул Сатылганов и киргизские акыны, М., 1952.

АЛЫМКУЛОВ Добулбек (25.5. 1930-ж. т., Сокулук р-ну, Белогорка кыш.) — сов. педиатр, мед. илимд. доктору (1973). 1965-жылдан КПССтин мүчөсү. КММИнин (1958—61) ассистенти. 1961-жылдан Кырг-ндагы Бала жана эне коргоо ил. из. ин-тунда ил. диагностика бөлүмүнүн башчысы. А.— 126 ил. эмгектин ж-а 2 монографиянын автору.

Чыг.: Балдардын ден соолугун чыңдайлы, Фр., 1968; Кызыл жүгүрүк менен ооруган балдардын режими, Фр., 1972.

АЛЫП САТАРЛЫК — байыш максатында товар ж. б. буюмдарды сатып алып, кайра кымбат сатуу. А. с. сов. соодасынын принциптерин бузуп, сатып алуучулардын кызыкчылыгына зыян келтирет. Мындай коомго жат ишти жасаган киши гана эмес, кызмат абалынан пайдаланып, ошол ишке көмөктөш болгон да жоопкерчиликке тартылат. Кыргыз ССР УКнын 156-статьясы б-ча, А. с-ты кайталаган же көп өлчөмдөгү товарларды кымбат саткан адам 7 жылга чейин эркинен ажыратылат, товарлар конфискацияланат. А. с. капит. өлкөлөрдө кеңири таркалып, жумушчу, дыйкан ж-а кызматчылар эсебинен баюунун тымызын жолуна айланган.

АЛЫСКЫ ТАРТИП ЖАНА ЖАКЫНКЫ ТАРТИП — катуу ж-а суюк заттардагы молекулалардын же атомдордун белгилүү тартипте өз ара жайгашуусу. Мындай жайгашуу атомдордун арасындагы орт. аралыктарга чейин эле таралса — жакынкы тартип, ал эми атомдордун арасындагы аралык чексиз чоңойгондо дагы кайталана берсе, аны алыскы тартип деп атайт. Суюк ж-а аморфтук нерселердин атомдорунун жайланышында коңшу атомдордун кандайдыр бир закон ченемдүүлүктөрү болгондуктан, алар жакынкы тартипке ээ болот. Кристаллдардын атомдору бири биринен бирдей аралыкта жайгашып, туура катарды ж-а *мейкиндик торчону* түзөт. Демек, кристаллдык катуу заттарда А. т. ж-а ж. т. бар.

Ад.: Китайгородский А. И., Порядок и беспорядок в мире атомов, 4 изд., М., 1966.

«АЛЫСТАН ЖАЗЫЛГАН КАТТАР» — В. И. Лениндин 1917-ж. Февр. бурж.-демокр. рев-ясы ж-дө кабарды уккандан кийин, Швейцариядан Россияга жазган беш каты. 1-кат кыскартылып 21—22-мартта (3—4-апр.) «Правда» газетасынын 14—15-сандарында, калган 4 кат, В. И. Ленин көз жумган соң (1924), жарыяланган. В. И. Ленин «Биринчи революциянын биринчи этабы» деп аталган 1-катында орус рев-ясынын жеңишинин себептерин, өзгөчөлүгүн ж-а келечекте өнүгүү перспективасын мүнөздөгөн. «Жаңы өкмөт жана пролетариат» деген 2-катында Бурж. убактылуу өкмөттү колдогон меньшевиктер менен эсерлердин чыккынчылыгын ашкерелеген. «Пролетардык милиция жөнүндө» деген 3-катында большевиктер партиясынын мамлекетке карата мамилесин аныктаган. «Тынчтыкка кантип жетишүү керек» деген 4-катында В. И. Ленин партиянын демокр. тынчтык үчүн күрөшүнүн программасын баяндаган. «Революциячыл пролетардык мамлекеттик түзүлүштүн милдеттери» деген 5-катын В. И. Ленин 1917-ж. 26-мартта (8-апр.) жаза баштап, бирок Россияга жөнөп кетишине байланыштуу аны бүтүрбөй калган. «Алыстан жазылган каттарда» белгиленген идеялар В. И. Лениндин *Апрель тезистеринде*, *«Мамлекет жана революция»* деген эмгегинде андан ары өнүктүрүлгөн.

Ад.: Ленин В. И., Алыстан жазылган каттар, Чыг., кырг. бас., 23-т; ошонуку, Пролетариаттын ушул азыркы революциядагы милдеттери жөнүндө, ошондо эле, 24-т.


Ж. Алышбаев.

АЛЫСЫН — чабындыны, эгилген чөптү чаап алгандан кийин чыккан чөп. Чөптүн алысындап чыгышы — анын сонун касиети. Чөп гүлдөй электе чабылса, А. калың чыгат. Чөптүн 2—3-чабыктарынын түшүмү А-дын түшүмү катары саналат.

АЛЫШ — Ош обл-нын Фрунзе р-нундагы Кара-Дөбө сельсоветине караштуу кыштак. Исфайрам суусунун бат. жээгинде. Ленин атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору — Фрунзенскийден 46 *км*. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 10 *км* түш. тарапта. Калкы 784 (1971). Орто мектеп, медпункт, китепкана, клуб бар.

АЛЫШ — Нарын обл-нын Тянь-Шань р-нунун Дөбөлүү сельсоветине караштуу кыштак. Ленин атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору — Нарын ш-нан 12 *км* чыг. тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 199 *км*. Калкы 358 (1974). Мектеп, китепкана, медпункт бар.

АЛЫШБАЕВ Жумагул Алышбаевич (5. 9. 1922, Ак-Суу р-ну, Кереге-Таш кыш.,— 15. 8. 1969, Фрунзе) — сов. экономист, Кыргыз ССР ИАнын акад. (1964), экон. илимд. доктору (1966), проф. (1967). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. 1939-ж. Пржевальск пед. окуу жайын бүтүрүп, Кочкор р-нунда орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 1939—45-ж. Сов. Армияда кызмат өтөп, Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1945—47-ж. Кырг-н ЛКСМ Талас обкомунун ж-а Кырг-н ЛКСМ БКнын секретары.

1947—53-ж. Москвадагы Жог. партиялык мектепте ж-а КПСС БКнын алдындагы коомдук иАнын аспирантурасында окуйт. 1953—54-ж. Кырг-н КП БКнын алдындагы респ-калык парт. мектепке директор. Кыргыз ССР иАнын вице-президенти (1956—58). 1958—68-ж. Кыргыз ССР иАнын Экон. ин-тунун сектор башчысы, 1968—69-ж. КСЭнин Башкы редакторуна орун басар болуп иштеген. А. саясий экономия, Кырг-ндын о. ж. ж-а а. ч. экономикасы б-ча 200дөн ашык ил. эмгек жазган. «Чоң Нарын проблемалары» (1958), «Кыргызстандын онор жайларынын негизги тармактарынын өнүгүүсү жана жайгаштырылыш келечеги» (1963), «Кыргызстандын электр энергетикасын өнүктүрүү жана жайгаштыруу» (1963), «Түндүк Кыргызстан комплексин түзүү перспективалары» (1964), «Кыргыз ССРинде химия өнөр жайынын өнүгүү перспективасы» (1964) ж. б. эмгектеринде Совет бийлигинин мезгилинде Кыргызстанда о. ж. курулуу ж-дагу маселелер каралып, о. ж-дын рационалдуу өнүгүү багыты, ыкгайлуу жайгаштыруу жолдору далилденген. А. Кызыл Жылдыз, эки 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Экономикалык илимдердин милдеттери жана аның кээ бир актуалдуу маселелери жөнүндө, Фр., 1969; Об основном экономическом законе социализма, Фр., 1954; Перспективы и проблемы развития тяжелой промышленности в Киргизии, Фр., 1965; Преимущественное развитие средств производства — основа непрерывного роста социалистического производства, Фр., 1955.

АЛЬБАТРОСТОР (Diomedeidae) — бороончулар түркүмүндөгү деңиз куштарынын тукуму. Тулку жумуру келип, канаты кууш, узун (жаалганда,



425 *см* ге жетет), өңү бозомук, салм. 8 *кг* га чейин. Тумшугу чакан, уч жагынан төмөн карай пиилип турат. Тынч, Атлантика ж-а Инди океандарында таралган 14 түрүнөн 3 түрү ССРдин чыгышындагы деңиз жээктеринен кездешет. А. мыкты сүзөт, бороондо да канат какпай, кайыш жакшы учат. Тукумдоо учурунда топтолушуп, деңиз жээктерине чыгат да, бирден гана жумуртка тууйт, аны эркеги кошо басышат. Балапаны уяда 6 айга чейин болот. А. балык, моллюска, рак сымалдарды ж. б. жейт.

АЛЬБЕДО (лат. albus — аппак) — асман телолорунда, планеталардын нур чагылыштыруусун мүнөздөөчү фотометриялык чондук. А. чыныгы ж-а көрүнүүчү болуп экиге бөлүнөт. Чыныгы А. асман телосунан чагылган нурдун түшүүчү нурдун агымына болгон катышы м-н өлчөнөт. Көрүнүүчү А. планеталардын жарыктыгынын чондугун мүнөздөйт. Толук чагылдыруучу бет үчүн А-нун чондугу бирге, ал эми абс. кара перфе үчүн нолго барабар. Мис., планеталардын А-су ар кандай: Меркурийдики 0,10; Чолпондуку 0,76; Марстыкы 0,15; Юпитердики 0,45; Сатурддуку 0,50; Уранддыкы 0,66; Жердики 0,39 ж-а Айдыкы 0,05тен 0,2ге чейин.

Лд.: Шаронов В. В., Природа планет, М., 1958.

АЛЬБЕРТ — Чыг. Африкадагы, Запр Реси-касы м-н Угандаңын чек арасындагы кол. Деңиз деңг. 617 *м* бийиктикте. Алпты 5,6 мың *км*², теренд. 58 *м* ге чейин. Борб. Афр. тоо системасындагы тектон. ойдунда жатат. Жээги тик келип, түбү тегиз. А-ке Семлики, Виктория-Нил д-лары куюп, Альберт-Нил д-сы агып чыгат. Балыкка бай. Кеме жүрүүгө ыңгайлуу. Негизги порттору: Бутнаба (Уганда), Касеньи (Запр). 1864-ж. англ. саякатчы С. У. Бейкер ачкан.

АЛЬБЕРТИ Рафаэль (1902-ж. т.) — испан акыны, коммунист. Анын 20-жылдардагы ырлары өздик поэзиянын үлгүсүнө жакын турган. Испаниядагы рев-ялык кырдаал ж-а Примо де Риверанын бийлигинин кулатылышы (1930) А-нин чыг-ларынын мазмунун жаңыртткан. «Фермин Галан» пьесасы (1931) баатырдык м-н курман болгон революционердин өмүрүнө арналган. А-нин испан элинин улуттук-рев-ячыл согуш жылдарында жазган чыг-лары «Кочодогу акын» (1936), «Бурулушта» (1937) жыйнактарына кирген. Респ-калык Испаниянын жеңилишинен кийин, А. Аргентинага келип, «Гүл менен кылыч» (1941), «Толкун» (1944), «Прадо музейиндеги түнкү согуш» (1956), «Эки токой» аттуу эскермелеринин эки китебин (1959) ж. б. чыг-ларды жазган. А-ге 1964-ж. «Элдердин ортосундагы тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн» эл аралык Лениндик сыйлык берилген.

Чыг.: Стихи, М.—Л., 1963.

АЛЬБИГОЙ СОГУШТАРЫ — 1209—29-ж. (тыным м-н) Түш. Франциядагы еретик альбигойлуктарга каршы папачылардын уюштурган крест жортуулдары. Согуштун башталышына Тулузаның графы Раймунд VIны Папа Иннокентий IIIнүн чиркөөдөн куун чыгышы себеп болот, ал Франциянын түндүгүндөгү рыцарларды, дин кызматчыларын ага каршы тукурат да, кресттүүлөрдүн армиясын түзөт. Кресттүүлөр 1209-ж. түштүктөгү көп шаарларды басып алып, талаайт. Түш. Франция үчүн согуш тез эле диний мүнөзүн жоготуп, провансаркшылык көрсөтүүчү согушуна айланат. 1217-ж. Тулузадагы элдик көтөрүлүш жеңет. Раймунд VII (Раймунд уулу) 1224-ж. кресттүүлөрдү Каркассоннадан куун чыгат.

АЛЬБИГОЙЛУКТАР — 12—13-к-да Түш. Франциядагы динге каршы кыймылга катышуучулар. А-дын негизги массасын шаардыктар (көбүнчө кол өнөрчүлөр), бир аз болгүн дыйкандар түзгөн. Чиркөө байлыгына көз артkан жерг. феодалдардын бир бөлүгү да А-га кошулушкан. Папанын демилгеси б-ча А-га каршы крест жортуулдары жасалган (к. *Альбигой согуштары*). 1215-ж. 12-Бүткүл чиркөөлүк (4-Латеран) собору А-ды айыптап, Түштүктүн ири шаарларында аларды кыруу башталган. А-дын мүлкү католик чиркөөлөрү м-н королдук бийликтин колуна өткөн. 14-к-да ересь А. жок кылынган.

АЛЬБИНИЗМ (лат. albus — ак) — организм үчүн нормалдуу пигменттин тубаса жоктугу. А. кишилердин, жаныбарлардын тери, жүн, чачтарында, көздөрүнүн карегинин айланасындагы челде пигменттин жоктугуна байланыштуу тийиштүү түстүн, өсүмдүктөрдө жашыл түстүн жоктугу м-н мүнөздөлөт. А. м-н жабыркаган кишилер альбиностор, лейкопаттар деп аталат. Альбиностордун териси ж-а чачы ак, көздөрү мала кызыл түстө болот. Көздөрүнүн пигмент тосмосу начар өнүккөндүктөн, жарыкка чыдамсыз келип, күндүз дайыма көзү уялгандыктан, алардын тегерегиндеги терилер бырыштуу келет. А-дын айрым түрлөрү (жалтырак, ала-була) жаныбарларда кездешет.

АЛЬБИНОСТОР — пигменттенүүдөн ажыраган адам, жаныбар ж-а өсүмдүктөр, к. *Альбинизм*.

АЛЬБИТ (лат. albus — ак) — плагиоклаздар тобундагы минерал. Хим. формуласы $Na[AlSi_3O_8]$. *Триклин системасында* кристалланат. Өңү ак келип, ага ар кандай түстөр кошумчаланып турат. Айнектей жалтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6—6,5. Салыштыр. салм. 2,62—2,65. А.— кычкыл, жегичтүү тоо тектерди ж-а пегматиттерди түзүүчү минерал. Таза А. керамика ө. ж-да фарфор ж-а фаянс буюмдарын жасоодо колдонулат.

АЛЬБИТОФИР, кератофир — структуралык түзүлүшү порфирдүү *магмалык тоо тек.* А-дын порфирдик бүртүкчөлөрү ж-а майда кристаллдарынын көпчүлүгү *альбиттен* турат. Трахит ж-а андезит лавааларынын метаморфизмделишинен пайда болот. Байыркы эффузивдердин арасында *дайка*, кичине *интрузия*, майда *шток* түрүндө кездешет. А. көбүнчө имараттардын дубалын кооздоо үчүн колдонулат.

АЛЬБОМ — 1) сүрөт тартуу, ыр көчүрүү, сүрөт, почта маркаларын жабыштыруу үчүн жасалган мукабалуу акгай барактар; 2) картина, сүрөт, чийме ж. б-дын китеп болуп чыккан жыйнактары.

АЛЬБУМИНДЕР — жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн ткандарынын составына кирүүчү жөнөкөй белоктор. Жумуртканын белогунда, кандын ж-а суттун сары суусунда, өсүмдүктөрдүн ууктарында болот. Сууда, туздуу эритмелерде, кислоталарда ж-а жегичтерде эрийт. А. кристаллдар түрүндө алынышы мүмкүн. Жумурткалын, суттүн А. кондитер ж-а текстиль өндүрүшүндө, медицинада колдонулат.

АЛЬГОЛОГИЯ (лат. alga — деңиз чөбү, балыр ж-а гр. logos — окуу) — *балыр* ж-дөгү илим, *ботаниканын* бир тармагы.

АЛЬДЕГИД ЖАНА КЕТОН КИСЛОТАЛАРЫ — молекулаларында карбоксил (COOH) тобунан башка



(альдегид к-таларында) ж-а



(кетон к-таларында) топтору бар орг. бирикмелер. Альдегид к-таларынын жөнөкөйү — глиоксил к-тасы CHOCOOH. Ал — түссүз коюу суюктук, көбүнчө чала бышкан жемиш момолорүндө болот. Кетон к-таларынын жөнөкөй түрү — пиро жүзүм к-тасы $CH_3COCOOH$. Ал шарап же жүзүм к-тасын ысытуудан алынат. Бул кислоталар табигый продуктуларда кездешип, көз бирлери зат алмашуу процессинде маанилүү роль ойнойт.

АЛЬДЕГИДДЕР, R —  — орг. радикал (R) ж-а суутектин атому м-н байланышкан карбонил тобу >C = O бар бирикмелер. А-дын эң жөнөкөй өкүлү — формальдегид



. Алардын мол. массаларынын көбөйүшү м-н сууда эригичтиги азаят. А-дын кычкылдантканда, молекуласындагы углеводороддордун санына жараша орг. к-талар пайда болот. Отондуктан өзүлөрүнө таандык кислоталардын аттарына уйкаш аталат. Мис., кумурска к-тасына кумурска А. (формальдегид) H— 

уксус к-тасына уксус А. (ацетальдегид) CH_3—  ж. б. туура келет.

Касиеттери кетондордукуна окшош. Алар кошулуу, орун алмашуу, кычкылдануу, калыбына келүү ж-а конденсация реакцияларына жарамдуу. Спирттерди кычкылдандыруудан ж-а ө. ж-да катализатордун катышуусунда ацетиленге суу кошуу м-н ацетальдегид алынат: $HC \equiv CH + H_2O \rightarrow CH_3CHO$ (к. *Кучеров реакциясы*). А. полимерлерди, дары-дармек заттарды, синтет. боёкторду алууда ж-а медицинада колдонулат.

АЛЖАНБАЕВ Шакир Юнусович (15. 12. 1920-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Кош-Тобе кыш.) — сов. микробиолог. Мед. илимд. доктору (1974). 1959-жылдан КПССтин мүчөсү. КММИнин бүтүргөн (1951). КММИнин микробиол. кафедрасынын аспиранты (1951—54), ассистенти (1954—60). 1960-жылдан КММИнин микробиол. кафедрасына башчы. Улуу Ата Мек. согушка катышкан (1941—45). А-дин негизги эмгектери туберкулёзго каршы вакцинаны жакшыртууга арналган. 70тен ашуун ил. эмгектин автору. Саламаттык сактоонун отличниги (1965). А. Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Проблема усовершенствования противотуберкулезной вакцинации. Сб. научных работ КГМИ, 1964; Experimental studies on new vaccine strains to further improve vaccination against tuberculosis. Proceedinds of the Microbiological. Research 8 Group of the Hungarion Academy of Sciences, Budapest, 1972, vol. 4, 65—73.

АЛЬДОЛДУК (АЛЬДЕГИДДИК) КОНДЕНСАЦИЯ — альдегиддердин 2 молекуласы кошулуп, составында альдолдук ж-а спирттик топтору болгон заттарды пайда кылуучу реакция. А. к. реакциясынан улам уксус альдегиди β-окси май альдегидине айланат: $CH_3CHO + CH_3CHO \rightarrow CH_3CH(OH)CH_2CHO$. А. к. реакциясына кетондор да оңой кирет. Мис., 2 молекула ацетондон диацетон спирти алынат: $(CH_3)_2CO + (CH_3)_2CO \rightarrow (CH_3)_2C(OH)CH_2COCH_3$. Бул реакцияны 1872 ж. немец химиги А. Вюрц ачкан. А. к.— химия ө. ж-да колдонулуучу негизги реакциялардын бири.

АЛЬЕНДЕ ГОССЕНС Сальвадор (1908—1973) — Чилинин 1970-ж. 3-ноябрынан 1973-ж. 11-сентябрына чейинки президенти, «Элдердин ортосундагы тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн» эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1972). Сантьягодогу Чили ун-тинин мед. ф-тетин бүтүргөн (1923). 1933-ж. Чилинин соц. партиясын түзүүгө катышкан, өмүрүнүн акырына чейин ушул уюмдун жетекчилеринин бири болгон. 1937—41-ж. Улуттук конгресстин депутаты. 1939—42-ж. саламаттык сактоо министри; ушул иште турганында Чилиде 1-жолу жумушчулар үчүн камсыздоо фондусун түзгөн. 1945—70-ж. сенатор; 1966—69-ж. сенаттын пред-ли. 1970-ж. 1966—69-ж. сенаттын пред-ли. 1970-ж. января «Эл биримдиги» блогунан (1969-ж. түзүлгөн) президенттикке 3-до жеңишке жетишкен. Президент болуп турган мезгилде А. «Эл биримдиги» блогунун (буга Чилинин коммунисттик партиясы да кирет) реформисттик программасын жүзөгө ашырууга бүткүл күчүн жумшаган. А. 1973-ж. 11-сентябрда Чилидеги аскердик төңкөрүштө козголоңчулар президент коруштө козголоңчулар президент дворецине кол салган кезде каза тапкан. Тынчтыктын бүткүл дүйн. советинин мүчөсү болгон.

«АЛЬМАГЕСТ» (лат. Almagestum — «Улуу курулуш») — 2-к-дын орто ченинде грек илимпозу К. *Птолемей* жазган байыркы дүйнөдөгү астрон. атактуу чыг-нын аты. «А-те» Вавилон, Египет, Араб, Индия, Кытай, Иран ж-а Грецияда белгилүү болгон астрон. илиминин жетишкендиктери, Птолемейдин Александрия обсерваториясында жүргүзгөн байкоолорунун натыйжасы жыйналган. «А-тин» 13 китебинде сфералык астрономия, Күндүн, Айдын, планеталардын кыймылдарынын теориялары, жылдыздардын эклиптикалык координаталары ж. б. ж-дө маалыматтар бар. Анда жылдыздар каталогу, 16-к-га чейин колдонулуп келген Птолемейдин дүйнөнүн гео борб. системасы да баяндалган. «А-тин» матем. формулаларын Н. *Коперник* дүйнөнүн гео борб. системасын жокко чыгаруу үчүн колдонгон. «А.» 1515-ж. 1-жолу Венецияда (латынча), 1538-ж. Базелде басылып (грекче) чыккан.



Альенде Сальвадор.

АЛЬМАДЕН КЕНИ — сымаптын дүйнөдөгү эң ири кендеринин бири. Испаниядa Сьерра-Морена тоосунун этегинде, Мадридден 200 *км* түш.-бат. таранта. Кен коло доорунан баштап (б. з. ч. 3—3,5 миңинчи жыл) белгилүү. 10-к-га чейин киноварь (кызыл) боёгун алуу үчүн пайдаланылып, 1499-жылдан бери сымап алынат. Кен орун алган аймакта палеозой заманынын башында пайда болгон ж-а ири *бүктөлүүлөрдө*, жылышууларга учураган сланецтердин, кумдуктардын, кварциттердин, акиташ тегинин катмарлары м-н кайнозой заманындагы диабаз ж-а кварц порфирлери кезигет. Кен уз. 20 *км* келген тилкеде кварциттердин арасынан орун алып, катарлаша жаткан 3 руда кабаттарынан турат. Алардын калың. 8—12 *м*, уз. 300—500 *м* ге жетет. Өндүрүштүк рудадагы металл адегенде 10% болсо, кийин (1969) азайып 5—6% болуп калды. Кен шахта түрүндө 500 *м* терендикке чейин казылып, терендеген сайын руда кабаты калыңдап, сымаптын өлчөмү арта баштагандыгы аныкталган. Руда негизинен *кварц* м-н *киновардан* турат. А. к. герцин металлогениялык доордо пайда болгон *гидротерм кенине* кирет. Бирок айрым геологдор (Saupe Fransis, B. T. Сургай ж. б.) кийинки мезгилдеги изилдөөлөрү б-ча, ал сингенетика-эпигенетика түрүндө чекме жол м-н пайда болгон кен катары эсептелүүдө. Кенден жылына 1500—2000 *т* металл казылып алынат.

АЛЬМАНАХ (ар. аль-манах — календарь) — 1) коомдук иштердин ар кандай тармагындагы, көбүнчө адабий

жақылыктар, ил. жетишкендиктер, закондо болгон өзгөрүүлөр ж. б. ж-до маалыматтар берилген жыйнак (Атын бул түрү календарь-справочниктерге жакын келет); 2) адабий А.— көбүнчө кандайдыр бир окшоштуктары (тематикасы, жанры, идеялык көркөмдүгү ж. б.) б-ча түзүлгөн адабий чыг-лардын жыйнагы. 1-жолу адабий А. Францияда 18-к-дын орто ченинде, Россияда 18-к-дын аягында чыга баштаган.

АЛЬМЕЕВ Хайрутдин Шамсутдинович (1907-ж. т.) — сов. патолог-анатом, вет. илимд. доктору (1941), проф. (1946), Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. инимери (1948). 1930-ж. Н. Э. Бауман атн. Казань вет. ин-тун бүтүргөн. 1936—52-ж. Кырг-н а. ч. ин-тунун патологиялык анатомия кафедрасына башчы ж-а вет. ф-тетине декан. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Ал көйдун жайытта уугушу ж-а эчкинин кара өпкө ылаңынын патоморфологиясын изилдөөго ж-а респ-кадагы үйдун паратуберкулёз ылаңын арылтууда көп эмгек сиңирген. А. илимдин 15 кандидатын ж-а 2 докторун даярдаган, 87 ил. эмгектин автору. 2 Кызыл жылдыз, 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Патологическая анатомия инфекционной плевропневмонии коз, Рига, 1956.

АЛЬМЕНДА (нем. allmende — баарына таандык) — алгачкы о. кылымдагы герман элдеринде (кийинчерээк о. кылымдагы Бат. Европанын башка өлкөлөрүндө) бир же бир нече терр-я общиналарынын мүчөлөрү жалпы пайдаланып турган жерлер (жайыт, токой, шалбаа ж. б.). Феодализмдин өнүгүү мезгилинде А. улам кыскарып отуруп, аларды эзелеө феодалдардын колуна өтөт. Ошондуктан А. үчүн феодалдар м-н дыйкандардын ортосунда (14—17-к.) дайыма күрөш жүрүп турган. А. ч-да капит. мамилелердин өнүгүшүнө байланыштуу (Англия, Франция) А. жоюлат. Бирок бир топ өлкөлөрдө (Бат. ж-а Түш. Германияда, Швейцарияда, Скандинавияда ж. б.) А-нын калдыктары кийинки убактарга чейин сакталып келген.

АЛЬМЕТЬЕВСК — Татар АССРиндеги Альметьевск р-нунун борбору, шаар. Зай д-нын (Каманын куймасы) сол жээгинде жайгашкан. Чистополь, Бугульма ш-лары м-н шоссе жолу аркылуу катташат. Калкы 87 миң (1970). Нефть промыселине байланыштуу посёлок курулуп, 1950—53-ж. шаарга айланган. Нефть, газ өндүрүү, шина ж-а автомоб., трактор өндөөчу з-ддор иштейт. Драма театры бар. А-ден «Достук» нефть түтүгү башталат.

АЛЬМОХАЛАР — Түн. Африкадагы бербер урууларынын Альморавидлерге каршы диний ж-а саясий кыймылынын негизинде түзүлгөн уруу династиясынын ж-а феод. (1121—1122—1269) мамлекетинин ад-тта кабыл алынган аты. Бул күрөштү берберлер Альморавилердин оор салыгына, социалдык эзүүсүнө ж-а диний келишпөөчүлүгүнө каршы чыгарышкан. Күрөштүн негиздөөчүсү ж-а идеологу Ибн Тумарт болгон. Ал кудай бирөө деген идеяны жактаган. 1121—22-ж. Альморавилерге каршы ачык күрөшкө чыккан. Өзүн *махди* деп жарыялаткан. Эң жакын сапаалашы Абд аль-Мумин болгон. Ибн Тумарт өлгөндөн кийин (1128), бийликти өзүл эзелеп, халиф аталат. 1146-ж. ал Марракеш ш-ын алып, аны жаңы мамлекеттин борбору кылат. А. Ифрикияга эки жолу (1151—52 ж-а 1160) жортуул жасап, жерг. династияны жоюп, нормандарды басып алган жерлеринен сүрүп чыгарышкан. А. мамлекетинин эң кеңейген мезгили (1160) Абд аль-Муминдин убагында болгон; ал Түш. Испаниянын ж-а бүт Түн. Африканы толук биригтирген. 1228-ж. Тунисте, 1235-ж. Тлемсенде (Алжирдин аймагы) жерг. династиялар пайда боло баштаган. 1269-ж. Мариниерден чыккан эмирлер Марракешти басып алгандан кийин, А. династиясы толук жок болгон.

АЛЬПИНАРИЙ (*альпы* деген сөздөн), **таштак бак** — ботан. бакта, скверде ж-а паркта тоо (альпы) өсүмдүктөрү өстүрүлүүчү участок. Ботан. бакта атайын добөчө жасалып, анда тоо өсүмдүктөрү өстүрүлөт. СССРдин ботан. багындагы А-де (Москвадагы СССР ИАнын башкы ботан. багы, МГУнун ботан. багы, Киевдеги УССР ИАнын ботан. багы ж. б.) токой, субальпы, альпы өсүмдүктөрү тигилген. Ири А. Англияда (Эдинбург, Кью ш.), Чехословакияда (Прага), Австрияда (Инсбрук) ж. б. жерде бар. А. кээ бир парктарды, скверлерди көркөмдөө үчүн колдонулат. Айрыкча кооз гүлдүү өсүмдүктөр: көңгуроо гүл, астра, гвоздика, флокс, анемондор тандалып алынат; жаныз бадал — туя, кипарис, арча, рододендрон ж. б. пайдаланылат.

АЛЬПИНИАДА — альпинизм б-ча көпчүлүк катышкан үйрөтүүчү, спорттук ж-а юбилейлик чаралар. Үйрөтүүчү А-да жаш альпинисттер тоолуу райондорго жүрүш жасап, бийик чокуларга чыгат. Спорттук А. спортсмен-разрядчыларды даярдоо максатында ар кандай татаал маршруттар м-н өтүү программасы б-ча жүргүзүлөт. Юбилейлик А. кандайдыр бир белгилүү датага арналып өткөрүлөт.

АЛЬПИНИЗМ (*альпы* деген сөздөн) — тоо чокуларына чыгуу спорту. А-ге бийик тоолорго чыгуу б-ча туризм да кошулат. А. 1786-ж. швейц. дыйкан Ж. Бальма, врач М. Паккар 1-жолу Монблан чокусуна (Альпыда, 4810 *м*) чыгышкандан тартып негизделген. Алгачкы альпинисттик клуб 1857-ж. Англияда пайда болгон. 1872-ж. Тбилисиде тоо А., 1877-ж. альпинисттик клуб уюшулган. Улуу Окт. революциянан кийин А. спорттун группалык түрү катары өнүктү. 1923-ж. сов. альпинисттер Кавбектин ж-а Авачин сопкасынын (Камчатка) чокуларына 1-жолу чыгышкан. СССРде альпинисттик секция 1936-ж. уюшулган. Кырг-нда алгачкы клубду 1927-ж. Пржевальскиде тиш техниги Гречишкин уюштурган, ал пролет. туризм ж-а экскурсия коому деп аталган. 1935-ж. альпинисттик жүрүштөр өткөрүлө баштаган. 1936-ж. сентябрда кыргыз альпинисттери 1-жолу Ала-Арча капчыгайындагы Комсомолец чокусуна (4140 *м*) чыгышкан. Массалык А. 1936-жылдын августунан башталып, миңдеген альпинисттер ж-а спорттун мастерлери даярдалып чыкты, ондогон бийик тоо чокулары багындырылды. Азыр иштеп жаткан 3 альпинисттик лагерде жыл сайын жүздөгөн жаштар даярдыктан өтүшөт.



Альпинист шаймаңы: 1 — муз чукулдугу; 2 — альпинист ботинкасы (трикон); 3—4—аскага чыгуу ж-а музга басуу же чыгуу үчүн илгичтер.



АЛЬПИНИСТТИК ЛАГЕРЬ — альпинисттерди машыктырып, спорттук чеберчилигин өркүндөтүү үчүн ылайыкталган спорттук база. А. л. СССРде 1-жолу 1931-ж. түзүлгөн. Бийик тоолуу р-ндордун (Кавказ, Тянь-Шань, Памир, Алтай) баарында бар. Ар бир А. л. спорттук машыгууларга ылайыкталган турак үй же чатыр, ашкана, медпункт ж-а керектүү

буюм-тиримдер м-н камсыз кылынат. Стационардык, көчмө, сезондук ж-а жыл бою иштөөчү А. л-лер бар.

АЛЬПЫ (кельтче alp — бийик тоо) — Европадагы эң бийик тоо системасы. Франция, Швейцария, Австрия, Италия, ГФР, Югославия мамлекеттеринин аймагында жатат. Томпок жалпы түп.-бат. тарапка багытталып, Лигурий деңизинен Орто Дунай ойдуңуна чейин жаа сыяктуу созулуп жатат. Уз. жаанын сыртынан эсептегенде, 1200 *км* ге, ичи жагынан 750 *км* ге жакын. Туурасы 50—60 *км* ден (Турин ш-нын меридианында) 240—260 *км* ге (Вероны ш-нын меридианында) жетет. Эң бийик жери 4810 *м* (Монблан чокусу). Батыш А. (Франция-Италия ж-а Швейцария) ж-а Чыгыш А. болуп эки ири орографиялык бөлүктөн турат. Алардын ортосунда түндүгүнөн Боден көлүнөн түштүгүнөн Комо көлүнө чейин текток. жаракалардын зонасы жатат. Жаа сыяктуу ийилген Батыш А-ның сырт тарабы (Франция) кең ж-а жазыраак келип, ички тарабы (Италия) тик, Швейцариянын терр-ясында жаткан бөлүгү эң бийик ж-а мөңгүлүү (Монблан 4807 *м*, Монте-Роза 4638 *м*, Пельву 4103 *м*). А-ның негизги структурасы альпы бүктөлүүсүндө пайда болгон, рельефинин түзүлүшүнө эндогендик процесстерден башка, антропоген мезгилиндеги суу ж-а мүздук эрозия чоң таасирин тийгизген. А-да ыңгайлуу ашуулар көп. Фрежюс ашуусу аркылуу (2538 *м*) Турин — Лион т. ж., Симплон ашуусу аркылуу Милан — Домодоссола (Италия) — Бриг — Лозанна (Швейцария) шоссе ж-а темир жолдору, Сен-Готард ашуусу аркылуу Лугано—Беллинцона (Италия), Альтдорф — Цюрих (Швейцария) шоссе ж-а темир жол (тешкен тоо) ж. б. өтөт. А-ның климаты нымдуу. Атлантика океаны м-н Жер ортолук деңизинен соккон шамал нөшөрлогон жаан-чачын алып келет. Кышында кар калың түшөт. Абанын темп-расы бийиктикке жараша өзгөрөт: жайында ар бир 100 *м* ге 0,6—0,7°С, кышында — 0,3—0,5°С. А-да жалпы аянты 4140 *км*² ге жакын мөңгүлөр жатат. А.— Бат. Европанын эң негизги гидрография түйүнү. Дарыялары көп. Алар терең өрөөндөр м-н агып, сууга мол, энергияга бай. Ири д-лары: Рона, Рейн, По ж-а Дунайдын куймалары. Көлдөру: Женева, Боден, Цюрих, Комо, Лаго-Маджоре ж. б. А-да 5 алкактык ландшафт бар: жазы жалбырактуу токой алкагы 900 *м* бийиктикке чейин (тоо этектери). Деңиз жээгиндеги А. м-н Италия А-ның түш. капталдарына жер ортолук деңиз климаты мүнөздүү, калган р-ндорунун климаты мелүүн. Эмен токойлору дээрлик кесилип, маданий ландшафтка айландырылган. Аралаш токой тоо алкагынын (1800—1900 *м* ге чейин) климаты мелүүн ж-а нымдуу. Мында жазы ж-а күзүн жалбырактуу токойлор (эмен, бук, карагай, кызыл карагай ж. б.) өсөт. Субальпы алкагынын (2300 *м* ге чейин) климаты суук, кар көп жаайт. Капталдары тик ж-а жарduу келип, бадал өсүмдүктөрү өсөт. Альпы алкагынын (көп жылдык кар чегине чейин) климаты катаал ж-а кургак. Мында альпы шалбаасы өсөт. Эң бийик жерлери — нивалдык (суук) алкак. Чокуларында дайыма кар ж-а мөңгүлөр жатат, өсүмдүктөрү жокко эсе.



Альпы. Ашуудагы жол.

Ад.: Добрынин Б. Ф., Физическая география Западной Европы, М., 1948; Власова Т. В., Физическая география частей света, М., 1966.

АЛЬПЫ АЛКАГЫ — ландшафттын тоолуу-шалбаа тиби басымдуулук кылган табигый бийик алкак. *Субальпы* алкагынан жогору. Өтө бийик тоолордо А. а. нивалдык алкак м-н алмашылат. Анын бийиктик абалы геогр. кеңдик, нымдуулук ж-а тоонун бетинин экспозициясы м-н аныкталат. А. а. мелүүн ж-а субтропиктик кеңдиктердеги нымдуу тоолордо ачык көрүнөт; жог. кеңдиктерде тоолуу-тундра алкагы, төмөнкү кеңдиктерде бийик тоолуу, талаа ж-а чөл алкактары, экватордук кеңдиктерде парамос алкагы м-н алмашат. А. а-на рельефтин тоо-мөңгүлүү формасы мүнөздүү. Климаты катаал, кышы суук ж-а узак (6—10 ай). Кар калың түшөт. Вегетациялык мезгили кыска, шамалы катуу. Январдын орт. темп-расы — 15°С, июлдуку 14°Сден төмөн. Жылдык жаан-чачын 1000 *мм* ден ашык. Альпы өсүмдүктөрү, көбүнчө чөбү жапыз шалбаа, төшөлүп өскөн бадал чөрлер басымдуулук кылат. Жаныбарлары: аркар, тоо эчки, зоо бөкөн, суур, чыйылдак чымчык, момолой ж. б. кезигет. А. а. эл чарбасында негизинен жайкы жайыт катары пайдаланылат.

АЛЬПЫ БҮКТӨЛҮҮ АЙМАГЫ, к. *Альпы бүктөлүүсү.*

АЛЬПЫ БҮКТӨЛҮҮСҮ — кайнозой заманындагы ири *бүктөлүүлөр.* Мезозой м-н алгачкы палеоген мезгилиндеги геосинклиналдардын чегинде болуп, жаш тоолордун жаралышы м-н аяктаган. Мис., Альпы тоолору (термин анын атынан аталган), Пиреней, Андалузия, Аппенин, Карпат, Динар, Крым, Кавказ тоолору, Африканын түндүгүндөгү Атлас, Азиядагы Понтий, Тавр, Түркмөн-Корасан, Загрос, Сулайман, Гималай тоолору, Бирма, Индонезияда тоо тизмектери, Камчатка ж. а., Япон, Филиппин а-дары, Аляска м-н Калифорниянын Тынч океан тарабындагы кырка тоолору, Түш. Америкадагы Анд тоолору, Австралиянын чыг. жагын курчап жаткан архипелагдар (Жаңы Гвинея, Жаңы Зеландия а-дары м-н бирге) ж. б. кирет. Аталган жерлердин айрым бөлүктөрүндө мезозой заманында да бүктөлүү кыймылдары болуп өткөн (к. *Мезозой бүктөлүүсү*). Европа м-н Азияда жайгашкан бүктөлүү системалары А. Д. Архангельский м-н Н. С. Шатский тарабынан (1933) өзүнчө **альпы бүктөлүү аймагы** (область) деп бөлүнгөн. А. б. жеке эле геосинклиналь аймактарын бийик көтөрбөстөн, платформалуу жерлерди да тоолуу өлкөгө айландырган. Буларга Европадагы Юра тоолорун, Пиреней ж. а-нын бир топ бөлүгүн, Түн. Африкадагы Атлас тоолорунун түш. тарабын, Орто ж-а Борб. Азиядагы Тянь-Шань, Гиссар тоолорун, Памир тоосунун түн. жагын, Түн. Америкадагы Аскалуу тоонун чыг. тарабын, Түш. Америкадагы Анд м-н Антарктидадагы Антарктида ж. а-ын кошуута болот. Орто ж-а Борб. Азиядагы тоо аралык ири ойдуңдардын (Фергана, Цайдам ж. б.) пайда болушу да А. б-нө байланыштуу. А. б. болгон жерлерде күчтүү тектон. кыймылдар (жер титиреөлөр, жанар тоолордун атылышы) азыр да жүрүп жатат.

Ад.: Тектоника Евразии, под ред. А. Л. Яншина, М., 1966; Хаин В. Е., Региональная геотектоника, М., 1971.

АЛЬТ (итал. alto, лат. altus — бийик) — 1) хордо же вокалдык ансамблде катышуучу балдардын ж-а аялдардын коңур (меццо-сопрано, контральто) үндөрү; 2) эркек балдардын коңур үнү; 3) скрипка тобуна кире турган, бирок колому скрипкадан чоңураак 4 кылдуу аспап; 4) А. же альтгорн — аскердик оркестрде колдонулуучу үйлөмө жез аспап; 5) оркестрдеги кээ бир аспаптардын түрү (домра-А., кларнет-А. ж. б.).

АЛЬТАМИРА — Испаниядагы Кантабрия тоолорунун деңизге жакын тарабынан табылган үңкүр; анда жог. палеолит доорунда боёк м-н тартылган ж-а чегип ташка салынган айбаттар сүрөтү (зубр, доңуз ж. б.) бар. 1875-ж. испан археологу Марселино Саутуола ачкан. Айбанаттардын анатомиясы, кыймыл-аракети даана ж-а чебер келтирилген. А-дагы сүрөт-



Альтамира. Бизондор. Испания.

төрдүн ачылышы палеолит доорундагы үңкүрлөргө тартылган сүрөттөрдү изилдеп билүүнүн башталмасы болгон, алар *Мадлен маданиятына* тиешелүү деп эсептелет.

АЛЬТЕРАЦИЯ (лат. alteratio — өзгөртүү) — муз. негизги добуштарды (до, ре, ми, фа, соль, ля, си), добуш катарларынын негизги баскычтарынын бийиктигин жарым же толук тонго жогорулатуу же төмөндөтүү аркылуу өзгөртүү белгилери. Муз. добушту жарым тонго жогорулатуу белгиси — диез, толук тонго — дубль-диез, жарым тонго төмөндөтүү белгиси — бемоль, бүтүн тонго дубль-бемоль белгилери коюлат. Бул белгилерди жоготуу үчүн бекар колдонулат.

АЛЬТЕРМАН Теодор Юрьевич [12 (24). 11. 1885—18 (31). 3. 1915]—эстон актёру. Чыг-лык иши 1902-ж. баштаган. 1906-ж. «Эстония» театрынын актёру, Лео Саалепа м-н Пийбелехтин (Вильде, «Кармалбас керемет», «Албарсты») ролдорун 1-аткаруучулардан. Классикалык репертуардагы бир топ көрүнүктүү ролдорду аткарган. А. режиссёр катары Лермонтовдун «Маскарад» (1914), А. Н. Островскийдин «Күнөөсүз күнөөлүүлөр» (1915) ж. б. спектаклдерин койгон.

АЛЬТЕРНАРИОЗДОР—Alternaria грибогу козгоочу өсүмдүк илдеттери. Картошка, тамеки, алма, алмурут ж. б. өсүмдүктөрдүн өнүү мезгилиндеги альтернариоздору белгилүү. Капуста А. көбүрөөк кездешет. Грибок түшкөндө, өсүмдүктү каралжын так басып, чирите баштайт, уругунун өнүмдүүлүгүн жоготот. А. илдетине каршы күрөшүү чаралары: үрөндү дарылоо, туура которуштуруп айдоо ж. б.

АЛЬТРУИЗМ (лат. alter — башка)— керт башынын гана камын ойлобой, башкалардын камы үчүн аракетти билгизген моралдык принцип. А. терминин эгоизмдин (өзүмчүлдүктүн) карама-каршысы катары этикага француз философу О. Конт киргизген. А-дин айрым элементтери байыркы индус м-н христиан диндеринин моралдык окуусунда көп учурайт. 18-к-да А-дин моралдык окуусунун негизги принциптери англ. ж-а франц. агартуучулар тарабынан иштелип чыккан. Алар коомдук мамилелерди жеке адамдардын мамилелери катарында көрсөтүп, альтруисттик тарбия берүү м-н адамдардын эгоисттик умтулууларын чектөөгө болот деп эсептешкен. Бурж. этикасында А. диний моралга шайкеш келип, капитализмдин эксплуататордук маңызын жаап-жашырууга кызмат кылат. Марксизм-ленинизм бурж. коомдогу альтруисттик моралдын чектелгендигин көрсөтүү м-н бирге, ар кандай моралдык принциптердин негизинде адамдардын материалдык катнашы жатарын белгилейт. Таптык карама-каршылык жоюлган соц. коомдо адамдардын ортосундагы өз ара катнаш коллективизм м-н бир бирине жардамдашуу принциптерине негизделген. Соц. коомдук байланыштар өзүмчүлдүк м-н альтруизмдин моралдык карама-каршылыктарынын материалдык тамырларын биротоло жойду.

АЛЬФА-АЖЫРОО — радиоактивдүү ажыроо процессинде атом ядросунан өзүнөн өзү α-бөлүкчөлөрдүн бөлүнүп чыгышы. А.-а-до ат. н. *Z* ж-а массалык саны *A* болгон баштапкы ядро өзүнөн α-бөлүкчөнү ($Z=2$, $A=4$) бөлүп чыгарып, ат. н. $Z-2$ ж-а массалык саны $A-4$ болгон башка ядрого айланат. Мис., радий төмөнкү схема б-ча $^{226}_{88}Ra \rightarrow ^{222}_{86}Rn + ^{4}_{2}He$ радонго айланат. Радиоактивдүү ядролордун көбү коргошундун ядросунан оор. α-радиоактивдүү ядролордун жашоо убактысы $3 \cdot 10^{-7}$ *сек* дан $5 \cdot 10^{15}$ *жылга* чейин жетет. Бизге белгилүү бардык α-радиоактивдүү изотоптор бөлүп чыгарган α-бөлүкчөлөрдүн энергиясы 2 ден 9 *Мэв* ге чейин өзгөрөт. Зат аркылуу өткөндө, атом ж-а молекулаларды иондоштургандыктан, α-бөлүкчөлөрүнүн энергиясы азаят. Ал эми кагылышуулардын саны эң көп ($10^4 \div 10^5$) болгондо, α-бөлүкчөлөрдүн энергиясы толук сарп болот. Вильсон камерасында α-бөлүкчөнүн калтырган изинин узундугу б-ча радиоактивдүү заттардын изотоптук составын сапаттык түрдө аныктоого болот. Ядродон бөлүнүп чыгуу кезинде α-бөлүкчөгө эки түрдүү күч аракеттенет; мааниси өтө чоң ж-а жакын аралыкка аракеттенүүчү ядролук күч α-бөлүкчөнү ядро ичинде кармап турууга умтулат; экинчиси — электрдик өз ара аракеттенүүчү күч ал бөлүнгөн α-бөлүкчөнүн ядродо калган башка бөлүкчөлөрү м-н түртүлүшүн шарттайт.



Вильсон камерасында алынган α — бөлүкчөнүн изи. α — бөлүкчөнү AcC+AcC′ бөлүп чыгарган. Сүрөттө AcC′ бөлүп чыгарган α — бөлүкчөнүн түрдүү узундуктагы 2 изи көрүнүп турат.

Ад.: Глесстон С., Атом. Атомное ядро. Атомная энергия, пер. с англ., М., 1961.

АЛЬФА-БӨЛҮКЧӨЛӨР — кээ бир радиоактивдүү элементтерден бөлүнүп чыгуучу гелий атомунун ядросу. Алар ядролук реакция учурунда да көп санда бөлүнүп чыгат. А.-б-дүн массасы *4,00273* атомдук бирдикке же $6{,}644 \cdot 10^{-24}$ *г*, заряды 2 оң элементардык бирдикке, спин ж-а магниттик моменттери нөлгө барабар. А.-б-дүн байланыш энергиясы 28,11 *Мэв*. Айрым учурда А.-б. түрдүү ядролук реакцияларды жүргүзүүдө, нейтрондорду ж-а кээ бир радиоактивдүү изотопторду алууда пайдаланылат, к. *Альфа-ажыроо.*

АЛЬФА-КОРГОШУН МЕТОДУ, к. *Геологиялык жыл эсеби.*

АЛЬ-ФАРАБИ (870—950), к. *Фараби.*

АЛЬФА-СПЕКТРОМЕТР — радиоактивдүү ядролордон чыгуучу α-бөлүкчөлөрдүн энергиясын өлчөөчү прибор. А.-с-лер түзүлүшүнө ж-а иштөө принцибине жараша магниттүү, иондоштурмалуу ж-а жарым өткөргүчтүү детекторлуу болуп бөлүнөт. **Магниттүү** А.-с-дө α-бөлүкчөлөр жолуна перпендикуляр түрдө жайлаштырылган күчтүү магнит талаасынан өтөт да, энергияларына жараша ар кандай чоңдуктагы бурчтарга кыйшаят (к. сүрөт). Заряддуу бөлүкчөлөрдүн магнит талаасындагы траекториясы айлананы элестетет. Айлана радиусунун бөлүкчөнүн импульсуна көз карандылыгы α-бөлүкчөлөрүн анын энергиялары б-ча талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Иондоштурмалуу А.-с-дө α-бөлүкчөлөр энергиясына жараша газдарды иондоштуруусу б-ча, **жарым өткөргүчтүү детекторлуу** А.-с-дө жарым өткөргүчтүү кристаллдарда электр тогун пайда кылышы б-ча изилденет.



Магниттүү α-спектрометрде түрдүү энергиялуу α-бөлүкчөлөрдүн кыймылынын схемасы (магнит талаасы чиймени тегиздигине тик багытталган).

АЛЬФА-ТЕРАПИЯ — альфа нурунун организмге тийгизген дарылык таасирин ар түрдүү метод м-н колдонуу. Ал өзүнчө же β, γ нурлары м-н бирдикте, кыска мөөнөткө таасир этүүчү же организмге топтолбой тез тарап кетүүчү изотоптор (радон, торондун продуктулары ж. б.) түрүндө колдонулат. А.-т. радон аралашкан сууну ичүү, андан микроклизма жасоо, радондуу дары майды сүйкөө ж-а радон аралашкан аба м-н дем алдыруу түрүндө жүргүзүлөт. А.-т. нерв, жүрөк-кан тамыр, ички без системаларынын ишин жакшыртуу м-н ар кандай ооруларды дарылоодо жакшы натыйжаларды берет. Рак шишиги, учук ооруларында, кан ооруларынын айрым түрлөрүндө, аялдар кош бойлуу мезгилде А.-т. жүргүзүүгө болбойт.

АЛЬФА-ТИТАН КУЙМАЛАРЫ — титанды башка элементтер (Al, Sn, C, N_2O) м-н кошо эритүүдөн алынган абдан бекем куймалар. А.-т. к-нын составына кошулган элементтер куйманын бекемдигин, катуулугун ж-а дат басууга туруктуулугун жогорулатат. Аны өндүрүү 1946-жылдан башталган. А.-т. к-нын мех. касиеттери жогору болгондуктан, конструкциялык эң мыкты материал катары өндүрүштө кеңири колдонулат. Бир фазалуу А.-т. к. 5% Al ж-а 2,5% Sn калганы титан элементинен турат да, жог. темп-рага абдан чыдамдуу келип, ийилчээк болот. Ал куймадан даярдалган тетиктер муздатылгандан кийин, кошумча термиялык иштетүүнү талап кылбайт.

АЛЮМИНИЙ (лат. Aluminium), Al— Менделеевдин мезгилдик системасынын 3-тобунан орун алган хим. элемент, ат. н. 13, ат. м. 26, 9815. А. жер кыртышында таралышы б-ча металлдардын ичинен 1-орунду ээлеп, 8,8% түзөт. Хим. өзгөчө активдүүлүгүнө байланыштуу таза түрүндө кезикпейт. А.— жылуулукту, электрди жакшы өткөргөн, коррозияга туруктуу, чоюлгуч, жеңил, оңой ширетилүүчү, күмүш сыяктуу ак металл. Тех. А-дин составында Fe, Si ж-а аз сандагы башка аралашмалар болот. Өзгөчө таза А-дин (99,996%) салышт. салм. 2,7, тыгызд. 2698,9 *кг/м³* (20°C), эрүү t 660,24°C, кайноо t 2500°C. Атомунун сырткы электрондук катмары 3 электрондон турат. Si, Cu, Zn, Mn ж. б. элементтер м-н ар түрдүү касиеттеги өтө бекем куймаларды пайда кылат. Абада тез кычкылдангандыктан, металлды андан ары кычкылдануудан сактоочу жука кабыкча Al_2O_3 м-н капталат. А. кадимки шарттагы бирикмелеринде 3 валенттүү, бирок жог. темп-раларда бир валенттүү болушу мүмкүн (AlF, AlCl). Күкүм түрүндөгү А-ди ысытканда, абада тез күйөт. А-ди кычкылтек агымында күйгүзүүдө 3000°Cге чейинки темп-раны алууга болот. Анын кычкылтек м-н активдүү кошулуу касиети металлдарды кычкылдарынан калыбына келтирүүдө колдонулат. Жог. темп-рада азот, көмүртек, күкүрт м-н биригип, нитридди (AlN), карбидди (Al_4C_3), сульфидди (Al_2S_3) берет. А. галогендер м-н реакцияга кирет, жегичтерде оңой эрип, суутекти бөлүп чыгарат да, алюминат пайда кылат. А-дин көпчүлүк туздары сууда жакшы эрийт. А. ө. ж-да криолитте (Na_3AlF_6) эритилген бокситти электролиздөө м-н алынат. А. электротехникада, авиация ө. ж-да, металлургияда, архитектурада, ядролук реакторлордо ж-а ар түрдүү күзгүлөрдү, турмуш-тиричиликке керектүү буюмдарды жасоодо кеңири колдонулат.

АЛЮМИНИЙ АЧЫК ТАШТАР, к. *Ачык таштар.*

АЛЮМИНИЙ КУЙМАСЫ — алюминийди металлдар (темир, кремний, жез, магний, цинк ж. б.) м-н кошо эритүүдөн алынган куйма. Алгачкы А. к. 19-к-дын 50-жылдарында алюминийди кремнийге кошуп эритүүдөн алынган. Андан кийин А. к-нын бекемдик ж-а катуулук касиеттерин жакшыртуу максатында куйманы термиялык жол м-н иштетүү б-ча изилдөөлөр бир нече өлкөдө жүргүзүлдү. Натыйжада А. к-нын: дат баспай турган Al-Mg-Si, эң бекем Al-Mg-Si-Cu, Al-Zn-Mg ж-а Al-Zn-Mg-Cu, ысыкка чыдамдуу Al-Cu-Mn ж-а Al-Cu-Li, жеңил ж-а эң жог. модулдуу Al-Be-Mg ж-а Al-Li-Mg системалары иштеп чыгарылды. А. к-нын салмагынын аз болушу, электрди ж-а жылуулукту дурус өткөрүшү, дат баспай тургандыгы, технол. касиеттеринин жакшылыгы, кесүү-жонуу ж-а чайкоо ыкмалары м-н жакшы иштетилиши, эритүү м-н бекем ширетилиши — анын негизги артыкчылыктары. Буюмдарды ж-а тетиктерди жасап чыгаруу ыкмасы б-ча А. к. негизги эки топко: деформациялануучу ж-а куюу жолу м-н алынуучу болуп бөлүнөт. **Деформациялануучу** А. к-дан жасалган тетиктер согуу, чоюу, созуу ж-а жумурулоо ыкмалары м-н иштетилет да, тоголок, жалпак, көзөнөктүү формада даярдалат. Кошуп эритилүүчү металлдардын санына карата куйма эки, үч ж-а төрт системада иштетилип чыгарылат. **Куюу жолу** м-н алынуучу А. к. куюуга жарамдуу болушу керек. Куйманын составына легирлөөчү элементтерди (Cr, Mn, Mg) көбүрөөк кошкондо, анын касиеттери андан бетер жакшырат. А. к-лары көбүнчө курулушта электр энергиясын берүүдө, транспортто колдонулат.

Ад.: Фридляндер И. Н., Высокопрочные деформируемые алюминиевые сплавы, М., 1960; Колобнев И. Ф., Алюминиевые сплавы, вып. 1—6, М., 1963—69; Воронов С. М., Металловедение лёгких сплавов, М., 1965.

АЛЮМИНИЙ КЫЧКЫЛЫ, Al_2O_3 — алюминий м-н кычкылтектин бирикмеси. Түссүз кристалл, жаратылышта корунд минералы түрүндө кездешет. А. к. ж-а анын суу кычкылдары сууда эрибейт, хим. реакцияда амфотердик касиетке ээ. Ал 1000°C де жегичтер м-н сууда эрий турган жегич металлдардын алюминатын, ал эми SiO_2 м-н алюмосиликаттарды пайда кылат. А. к-н алууда бокситтер, нефелиндер, каолиндер негизги сырьё болот. А. к. негизинен алюминийди алууга жумшалат. Корунд өтө өтө чыдамдуу ж-а *абразивдүү материалдарды*, керамикалык кескичтерди жасоодо кеңири колдонулат.

АЛЮМИНИЙ ОРГАНИКАЛЫК БИРИКМЕЛЕРИ — көмүртектин атому м-н түздөн-түз байланышкан алюминийи бар металл орг. бирикмелер. А. о. б-нин толук (R_3Al) ж-а толук эмес (R_2AlX же $RAlX_2$) түрлөрү белгилүү (мында R—CH_3, C_2H_5, C_6H_5 ж. б., X — галогендер, OR же H). А. о. б. м-н иштөө инерттүү газдардын чөйрөсүндө жүргүзүлөт. Алар эфирлер аминдер м-н туруктуу комплекстик бирикмелерди пайда кылат. А. о. б. магнийдин алюминий м-н болгон куймасына галогеналкилдерди таасир этүүдөн алынат: $6C_2H_5Br + 2Al + 3Mg = 2(C_2H_5)_3Al + 3MgBr_2$. А. о. б. өндүрүштө олефиндерди полимерлөөдө *катализатор* катарында, полиэтиленди өндүрүүдө ж-а өзгөчө таза алюминийди алууда пайдаланылат.

АЛЮМИНИЙ ӨНӨР ЖАЙЫ — түстүү металлургия ө. ж-нын тармагы. Эл чарбасында алюминий кеңири колдонулат. Анын айрыкча авиация, автомобиль, электр техника, машина куруу, металл иштетүү жагында, химияда, курулушта, тамак-аш ө. ж-да зор мааниси бар. Рев-яга чейин Россияда А. ө. ж. болгон эмес. Ал Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин өнүгө баштады. Волхов (1932), Днепр (1933), Урал (1939) алюм. з-ддору ишке киришти. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Сибирде, Уралда, кийинчерээк Каз-нда А. ө. ж-нын жаңы ишканалары курулду. Алюминий алынчу негизги сырьё — бокситтер. Бирок азыр А. ө. ж-да сырьёнун жаңы түрлөрү — нефелин, алунит ж. б. пайдаланылууда. Рудадан алюм. металлын алуу электр энергиясын эң көп талап кылат, 1 *т* алюминий алуу үчүн 16—18 миң *квт·с* энергия сарпталат. А. ө. ж. келечекте өлкөнүн электр энергиясы, отуну ж-а сырьёсу мол чыгуучу р-ндоруна жайгаштырылат. Ал р-ндордун бири — биздин респ-ка, анда нефелиндүү сиенит рудасынын мол запасы бар, электр энергиясы болсо жетиштүү. Бул байлыктарды рационалдуу пайдалануу Түн. Кырг-ндын тоо-кен ө. ж. комплексин түзүүнүн негизи болуп, А. ө. ж-н өнүктүрүүгө шарт түзөт.

АЛЮМИНИЙ РУДАЛАРЫ — алюм. металлын алууда пайдаланылуучу тоо тектер. Жаратылышта алюминий 280ге жакын минералдын ж-а тоо тектин составында кездешет. Бирок алардын кээ бирөөлөрүнөн гана алюминий алынат. Алюминийдин негизги рудасы — *боксит*. Анын составындагы алюм. кычкылы (Al_2O_3) 85%ке жетет. Рудадан адегенде алюм. кычкылы, андан кийин таза алюминий электролиттик жол м-н бөлүнөт. *Нефелиндүү сиенит* ж-а нефелин-апатиттүү тоо тектерден, *алунит, андалузит* минералдарынан да алюминий алынат. *Лейцит, лабродорит, анортозит* ж-а силлиманиттүү, андалузиттүү, дистендүү сланецтер келечекте алюм. сырьёсу катары колдонулушу мүмкүн. Капит. өлкөлөрдө алюминий бокситтен гана алынат. СССРде бокситтен башка нефелиндүү сиенит м-н нефелин-апатиттүү тоо тектер



М. Амадалиев.



Ж. Амаду.

чоң маанеге ээ. Алюм. рудаларынын ири кендери СССРде (Урал, Казак ССРи, Алтай ж-а Краснояр крайлары), Америкада (Ямайка, Гайана, Суринам, Бразилия), Африкада (Гана, Гвинея), Францияда, Индияда жайгашкан. Кырг-нда Сандык ж-а Зарделек нефелиндүү сиенит кендери бар.

Ад.: Требования промышленности к качеству минерального сырья. Алюминий, 2 изд., в. 35, М., 1962.

АЛЮМИНИЙ СУЛЬФАТЫ, $Al_2(SO_4)_3$ — күкүрт к-тасынын алюм. тузу. Сууда жакшы эрүүчү түссүз кристалл. Кадимки шартта кристаллогидрат $Al_2(SO_4)_3 \cdot 18H_2O$ түрүндө жолугат. Ысытуудан Al_2O_3 ж-а SO_3ке ажырайт. Тех. А. с. бокситти же чопону күкүрт к-тасы м-н иштетүүдөн алынат. Ө. ж-да кездеме боёо, тери ийлөө, кагаз чаптоо иштеринде ж-а медицинада колдонулат.

АЛЮМИНИЙ ФТОРИДИ, фтордуу алюминий (AlF_3) — түссүз кристалдык туз. Ысытуудан эрибей буулanat, сууда начар эрийт, кислоталар, жегичтер м-н реакцияга кирбейт. А. ф. кенири колдонулуучу комплекстүү бирикмелерди, мис., криолитти (Na_3AlF_6) пайда кылат. А. ф. фтордуу суутекти, ысытылган Al же Al_2O_3түн үстүнөн өткөрүүдөн ж. б. жолдор м-н алууга болот. Ө. ж-да алюминий алууда ж-а тазалоодо колдонулат.

АЛЮМИНИЙ ХЛОРИДИ, хлордуу алюминий *($AlCl_3$)* — сууда жакшы эрүүчү түссүз кристаллдык туз. Нымдуу абада HCl бөлүнүп, түтөйт. Суудагы эритмесинен саргыч ак түстөгү кристаллдар — $AlCl_3 \cdot 6H_2O$ гидраты бөлүнөт. Көп орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Суусуз А. х. бир нече орг. ж-а орг. эмес заттар м-н бириге. А. х. Cl_2 м-н СОнун аралашмасын каолин же бокситке таасир этүүдөн алынат: $Al_2O_3+3CO+3Cl_2 \rightarrow 2AlCl_3+3CO_2$. А. х. нефтини иштетүүдө ж-а орг. синтездерде катализатор катарында кеңири колдонулат.

АЛЮМИНОТЕРМИЯ (*алюминий* ж-а гр. thérme — жылуулук) — металлдардын кычкылдарын алюминийдин таасири м-н калыбына келтирип, металлдарды ж-а куймаларды алуу процесси. Алюм. кычкылтек м-н бириккен убакта көп жылуулук бөлүнүп чыгат (1900°—2400°С). Өте кыйынчылык м-н калыбына келүүчү металлдарды (титан, ниобий, цирконий, бор, хром, ванадий, вольфрам ж. б.) алууда, аларды кычкылдарынан калыбына келтирүүдө ж-а рельстерди, түтүктөрдү, болот буюмдарды ширетүүдө кеңири колдонулат. А-ны орус окумуштуусу Н. Н. *Бекетов* (1859) ачкан.

АЛЯСКА — АКШнын түн.-батышындагы штаты. 1867-ж. А-ны падышалык Россия АКШга сатып жиберген. А-га материк бөлүгүнөн башка көп бир аралдар (Алеут, Прибылов, Александр, Кодьяк ж. б.) кирет. Аянты 1519 миң $км^2$. Калкы 294,6 миң (1970), алардын ичинен жерг. элдери (индеец, алеут, эскимос) 44 миң (1960). Админ. борбору — Джуно ш. Жери доцсөөлүү ж-а тоолуу. Түн. ж-а борб. бөлүгү гана түзөң келет. Климаты түштүгүндө мелүүн, калган бөлүгүндө суук, континенттик. Кышы 6—8 айга созулуп, жеринде көп жылдык тоң жатат. Чарбачылыгынын тармактары: балык уулоо, консервалоо, жыгач ж-а ан терилерин иштетүү. Пайдалуу кен байлыктарынан алтын, көмүр, калай, хромит казылып алынат. Нефтинин ири кендери да табылды. А. ч-сы Матануски ороонун м-н Кенай ж. а-да гана өнүккөн. Т. ж-пун уз. 930 *км*, асфальт жолунуку—8,8 миң *км*. А-нын терр-ясында аэродромдор, аскер-деңиз ж-а ракета базалары бар.

АЛЯСКА ЖАРЫМ АРАЛЫ Түн. Американын түн.-батышында, Беринг деңизиндеги Бристоль булуңу м-н Тынч океандын аралыгында жайгашкан. Аляска штатынын (АКШ) карамагында, уз. 700 *км* ге жакын, туурасы 10—170 *км*. А. ж. а-нын көп жерин Алеут кырка тоолору ээлейт. Анда өчкөн ж-а өчө элек жанар тоолор (чокулар) бар. Эң бийиги — Вениаминов жанар тоосу (2507 *м*). А. ж. а-да негизинен тоо тундрасы, майда мөңгүлөр басымдуулук кылат.

АЛЯСКИТ (Аляска ж. а-нын атынан) — тереңдикте пайда болгон гранит тибиндеги магмалык (кээде метасоматоздук) тоо тек. А. 30—35% кварцтан, 30—50% калийлүү талаа шпатынан ж-а 20% *альбиттен* турат. Составында түстүү минералдардын аз же жокко эсе болушу м-н гранитten айырмаланат. Структуралык түзүлүшү бүртүктүү, чандасы порфир сыяктуу. Өңү кызгылт, ак, бозомук. А. м-н сейрек кездешүүчү металлдардын кендери байланыштуу. А. имараттардын дубалын кооздоодо колдонулат.

АМАГАСАКИ — Японияның Хонсю а-нын Осака булуңундагы порт, шаар. Калкы 532 миң (1968-ж.). А. Осака ш-на жанаша жайгашкан. Машина куруу, металлургия, химия, кездеме токуу, цемент ө. ж. ж-а ири ТЭЦ бар.

АМАДАЛИЕВ Маткалык (1926-ж. т.) — Ош обл-ның Ленин р-пундагы Калинин атн. к-здун пахтачылык бригадасынын бригадири. Соц. Эмг. Баатыры (1972). 1964-жылдан КПССтин мүчөсү. Эмгек жолун колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. Кийинчерээк бригадирликке дайындалат. Ал башкарган бригада 1971-ж. 121 *га* жерден 40 *ц* дөн, 1972-ж. 119 *га* жерден 46,5 *ц* дөн пахта жыйнап алууга жетишкен. А. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун Ардак Грамотасы м-н сыйланган.

АМАДУ Жоржи (1912-ж. т.) — браз. жазуучусу, коомдук ж-а саясий ишмер, коммунист, Браз. жумушчу кайлылынын активдүү катышуучусу. «Какао» (1933), «Тер» (1934) деген түңүч романдарында кедей-дыйкандардын таптык аң-сезиминин ойгонушун көрсөтөт. «Учу-кыйырсыз жерлер» (1943), «Ильеус шаары» (1944), «Кызыл үрөөндөр» (1946), «Азаттык подпольеси» (1952), «Түн күзөтчүлөрү» (1964) деген прозалык чыг-ларында эмгекчи адамдардын турмушун, күрөшүн, образдарын соц. реализмдин позициясынан чагылдырган. А-нун чыг-лары дээрлик бүт бойдон орусчага которулган. Ал Сов. Союзунда бир нече ирет болгон. А. Браз. академиясынын (1961), Тынчтыктын бүткүл дүйн. советинин мүчөсү, «Элдердин ортосунда тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн» эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1951).

АМАЗОНИТ, амазон ташы — минерал; микроклиндин жашыл түстөгү түрү. Составында кээде Mn^{2+}, радиогендүү коргошун, рубидий ж-а цезий болот. А. щёлочтуу граниттерде, пегматиттерде, грейзендерде бар. Кооздук ж-а көркөмдүк буюмдарын жасоодо иштетилет, к. *Микроклин*.

АМАЗОНКА — Түш. Америкадагы дарыл. Суусунун молдугу, алабынын

Амазонка ороону.



аянты (7180 миң $км^2$) б-ча дүйнөдө 1-орунда. Уз. 6400 *км* (Мараньон д-ның башынан), Укаяли д-ның башынан 7000 *км* деп ашык. Башкы куймасы — Мараньон Перудагы Кордильер тоосунун чыг. капталынан, деңиз деңг. 4840 *м* бийиктиктен башталат. Суу экватордук токой каптаган жайык нымдуу ойдуң аркылуу агып, Атлантика океанына куят. Негизинен экватор м-н 5° түш. кеңдиктин ортосундагы жаан-чачыны өтө мол (жылына 1500—3000 *мм*) аймак м-н агат. Суусунун жай агышы көп сандаган чоң ж-а майда аралдарды, о. эле эски пуктарды, океанга 350 *км* аралыктагы эң чоң жайылманы (аянты 100 миң $км^2$ ге жакын) пайда кылат. Дарыянын куймалары өтө көп, алардын 20ға жакыны — чоң дарыялар (уз. 1500—3500 *км*). Ири оң куймалары: Укаяли, Журуа, Пурус, Мадейра, Тапажос, Шингу, Токантинс (Паруга куят); сол куймалары: Напо, Иса, Япура, Риу-Негру. А-ның туурасы Укаяли куйгандан кийин 2 *км*, ортоңку агымында 5 *км*, төмөнкү агымында 15—20 *км*, чатына жакын 80—150 *км*. Ортоңку агымында терең. 70 *м* ге жакын, Обидус ш-ның тушунда 135 *м* ге чейин, чатында 15—45 *м*. А-нын режими таасил ж-а бөтөнчө; жылдын бардык мезгилинде суусу мол. Оң куймаларынын алабы түш. жарым шарда, сол куймаларынын алабы түн. жарым шарда жаткандыктан, ташкындоо мезгили ар түрдүү (оң куймаларда октябрдан мартка чейин, сол куймаларында апрелден октябрга чейин). А-нын эң чоң чыгымы 300 миң $м^3/сек$ дан ашык; суу тартылганда 70—80 миң $м^3/сек$; орт. чыгымы 175 миң $м^3/сек$ га жакын. А-нын үлүшүнө жер шарындагы бардык дарыялардын агымынын 15—17% туура келет. Алабы өсүмдүктөргө ж-а жаныбарларга өтө бай. Көлдөрүндө ж-а салаларында жалбырагынын диаметри 2 *м* ге жеткен виктория-регия деген суу өсүмдүгү өсөт. Сүт эмүүчүлөрдөн: ламантин (чатында), дарыя дельфини, амазонка иниясы ж. б.; балыктын 2000ге жакын түрү ж-а крокодил кезигет. Куймалары м-н А.— дүйнөдөгү эң ири суу жолу (25 миң *км* ден ашык). Кеме дарыянын куйган жеринен 4300 *км* ге чейин, ал эми океан кемелери 1690 *км* ге чейин бара алат. Ири порттору: Белен (Пара), Сантарен, Обидус, Манаус, Икитос. А-нын энергетика потенциалы өтө зор (болжол м-н 280 млн. *квт* ка жакын), бирок гидроэнергиясы аз пайдаланылат.

АМАЗОНКА ОЙДУҢУ — Түш. *Америкада*, дүйнөдөгү эң чоң ойдуң. Аянты 5 млн. $км^2$ ден ашык. Гвиана ж-а Браз. боксо тоолорунун аралыгында Анд тоолорунан Атлантика океанына чейин созулуп жатат; жер шарындагы суусу эң мол Амазонка д-ның алабын ээлейт. Негизинен палеозойдун деңиздик ж-а мезозой-кайнозойдун континенттик чөкмө тоо тектеринен турат. Климаты ысык (айлык орт. темп-расы 24—28°С) ж-а нымдуу (жылдык жаан-чачыны 1500—3000 *мм*). А. о. Бат. Амазонка — өтө кең түздүк (1600 *км* ге чейин). Климаты экватордук, нымдуу. Пальма, гевея, какао жыгачтары өсөт. Жаныбарлары: жалпак мурун маймыл, ленивец, кумурска, броненосец-великан, пекарь ж. б. Чыг. Амазонканын (Риу-Негру ж-а Тапажос д-ларынын чаттарынын чыг. тарабы) жеринин бети малга жайыттуу. Ойдуңдун туурасы бир кыйла куушу (350 *км* ге чейин). Климаты субэкватордук. Июндан сентябрдын аягына чейин Браз. боксо тоосунан карандай тропик шамалы (пассат) согуп тургандыктан, ойдунда кургакчылык болуп, токоюнда жалбырагын күбүгөн даректар көп кезигет. Көө жерин саванна ээлейт. А. о-да калк өтө сейрек отурукташкан; негизинен дарыя жолдору м-н катташат. Марганец, нефть ж-а темир кендери казылып алынат.

АМАЛЬГАМАЦИЯ (металлургияда) — сымаптын жардамы м-н металлдарды болуп алуу ыкмасы. Баштапкы материалы — майда руда. Алынуучу материалы — асыл металлдар (алтын, күмүш ж. б.). А. ондуруштук процесс катары мындан 2 миң жыл мурда эле пайда болуп, көп сандаган өзгөрүштөргө ж-а тех. өркүндөтүүлөргө дуушар болду. Алдын ала майдаланган руданы сыман м-н иштеткенде, руданын составындагы металл сыман м-н реакцияга катышып, амальгамаларды (хим. бирикмелерди, эритмелерди) пайда кылат. Рудадагы реакцияга катышпаган башка текстер өзүнчө бөлүнөт. Амальгамалар сыман компонентинин процеттик өлчөмүнө жараша суюк, коюу ж-а катуу түрдө кездешет. Суюк амальгамадан асыл металлды бөлүп алган учурда сыман азайтылып, коюу А. жумшак күдөрү чыкадан өткөрүлөт. А. руданы майдалай турган аппаратта жүргүзүлсө — ички А. ж-а атайын шлюздарда өткөрүлсө, сыртқы А. деп аталат.

АМАНАТ — 1. Кыргыздардын өкүлү же элчиси катары кээ бир көшпулап элдердин арасында же мамлекеттө убактылуу жашаган киши. А-ка таасирлүү адамды, көбүнчө чоң мансаптардын тукумунан, туушкандарынан дайындашкан. А. жасалгалуу ак үйдө жашоочу. Ошондуктан аны «ак үй» же «ак үйлүү» деп да аташкан. Кыргыз эли колон. абалга дуушар болгондон кийин, А. жоюлган. 2. Жоготпой сактоо үчүн берилген буюм.

АМАНБАЕВ Акмат (1920, Нарын обл., Тянь-Шань р-ну, Кара-Булак кыш.— 8. 9. 1964, Фрунзе) — кыргыз совет композитору, Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1963), 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Ал 13 жашында кыргыз муз. драма театрында муз. студиясына кабыл алынган. 1935-ж. Москвадагы Ипполитов-Иванов атн. муз. техникумдан окуган (1935—38). Кырг-ңга келгенде И. Ф. Шубиндин дирижёрлук адистикти өздөштүргөн. А. кыргыз искусунун Москвада өткөн 1-декадасына (1939) катышып, оркестрге дирижёрлук кылат. 1940-ж. Москвадагы Чайковский атн. консерваториянын алдында ачылган кыргыз студиясынын композиция бөлүмүнө кирет (В. Ферейн классы). А. Фрунзедеги Күрөңкеев атн. муз. окуу жайынын (1945), Кыргыз мамл. Токтогул Сатылганов атн. Эмгек Кызыл Туу ордендүү филармониянын (1946—51) директору болуп иштейт. Москва консерваториясынын улуттук бөлүмүн (1951—56) бүтүрүп, кыргыз филармониясында көркөм жетекчи болот. Ал муз. ар түрдүү жанрдагы чыг-ларды: К. Жантөшевдин «Ким кантти» (1943) комедиясынын музыкасын (А. Малдыбаев, М. Абдраев, А. Түлеевдер м-н бирге); «Айдар менен Айша» (1952) операсын (С. Л. Германов м-н бирге, либреттосу У. Абдукаимовдуку); «Жаштар маршы», «Үч болумдүү квартет», «Партия жөнүндө ода» деген ырларын, «Скрипка үчүн үч болумдүү сюитасы», 1—4-класстар үчүн ыр сабагынын окуу китебин (Н. Давлесов м-н бирге), куурчак театрындагы «Бала баатыр» спектаклине музыка ж. б-ды жазган. А. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медаль м-н сыйланган.



А. Аманбаев.



А. А. Аманбаев.

Ад.: Абдраев М., Музыкалык ишмер, белгилүү композитор — Акмат Аманбаев, «Ала-Тоо», 1964, № 11; Алагушов Б., Кыргыз композиторлору, Фр., 1964; Виноградов В., Кыргыз ССРинин музыкалык маданияты, Фр., 1958.

АМАНБАЕВ Алдаберген (1927—1975) — Киров р-нундагы «Россия» к-зунун ст. чабаны, Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1967-жылдан КПССтин мүчөсү. Эмгек жолун колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1970-ж. 540 соолуктун ар жүзүнөн 155 козу, ар койдон 5,5 *кг* жүн кыркып алган. Ал 2 Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АМАНГЕЛДИ Иманов (3. 4. 1873, Торгой у.,— 18. 5. 1919, Торгой) — 1916-ж. Каз-нда чыккан улуттук-бошт. кыймылдын башчысы. 1917—19-ж. Совет бийлигин орнотууга активдүү катышкандардын бири. 1918-жылдан Коммунисттик партиянын мүчөсү. Ке-



Аманулла Иманов.



В. А. Амбарцумян.

дей дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. Жетим калып, жалчы болгон, устачылык кылган. 1905—07-ж. дыйкандардын куралдуу көтөрүлүшүнө катышкан. 1916-ж. Торгой ж-а башка уезддерде падышачылыкка каршы көтөрүлгөндөргө жетекчилик кылып, Торгой, Костанай, Ак-Дөбө, Иргиз у-дериинин отряддарынын бир кыйла бөлүгүн бириктирген. 1916-жылдын октябрында А-нин отряды Торгой ш-ын курчайт да, падыша өкмөтүнүн көп сандаган аскерлери келгенден кийин гана өз жоокерлери м-н ал жерден чегинип кеткен. 1917-ж. январда ал шаарды кайрадан басып алууга далалат кылып, күч тең болбогондуктан, эл ичине кеткен. 1917-жылдын октябрынан 1918-жылдын январына чейин Торгой ш-да ж-а обл-да Совет бийлигин орнотууга активдүү катышып, Торгой обл-ным аскер комиссары болгон. Советтердин обл. съездине (Оренбург, 1918) катышкан. Гражд. согуш жылдарында А. Жанкелдин м-н бирдикте улуттук аскер бөлүктөрүн уюштурган. 1918-жылдын ноябрында А. м-н Жанкелдин башкарган отряд ак гвардиячылардан Торгой ш-ын бошотту. Чыг. фронтунда Колчактын армиясынын чабуулга өтүшүнө байланыштуу алаш-ордочулар 1919-жылдын 20-апрелинде Торгойдо козголоң чыгарып, А-ни колго түшүрүшүп, кыйнап өлтүрүшкөн.

АМАНУЛЛА-ХАН (1892—1960) — афган королу (1919—1929). Бийликке келээри м-н (21. 2. 1919) 28-февралда Афг-нды көз каранды эмес деп жарыялаган. А. В. И. Ленин м-н послиелер алышып, 1919-ж. Сов. Россия м-н дипл. мамиле, 1921-ж. совет-афган договорун, 1926-ж. бейтараптык ж-а өз ара кол салышпоо ж-дө СССР м-н договор түзгөн. 1928-ж. А. СССРге келип кеткен. 1928—29-ж. Англиянын тукуруусу ж-а колдоосу м-н Афг-нда бийликке каршы көтөрүлүш чыгып, ошондон улам А. тактан кулап, чет элге качкан. Цюрихте дүйнөдөн кайтып, сөөгү Желалабадга (Афг-н) көмүлгөн.

АМАРАНТ (Amaranthus) — амарант-тар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бийикт. 20—100 *см* келген бир жылдык чөп. Жалбыректары жөнөкөй. Гүлдөрү эки жыныстуу, жалбырак колтугундагы же сабактарынын уч жагындагы топ гүлдө топтолушкан. Мөмөсү бир уруктуу, кутуча. А-тын 55 түрү ысык ж-а мелүүн алкактарда кезигет. А-тын көбү бир түрлөрү коюу өсүмдүктөр катары гүлзарларда, парктарда өстүрүлөт. Көпчүлүгү — отоо чөп.

АМАРИЛЛИСТЕР (Amaryllidaceae) — бир үлүштүүлөр классындагы өсүмдүктөр тукуму. Бул тукумга кирген өсүмдүктөр көп жылдык пияз түптүү, тамыр сабактуу чөптөр болот. Гүлү жалгыздан же топ гүлгө топтолушкан. Эки жыныстуу, гүл чөйчөкчөсү жок, желекчелери көк түстүү. Мөмөсү — кутуча. А-дин 75 уруусу, 1000 түрү белгилүү. СССРде 7 уруусунун 30, Кырг-нда 3 түрү өсөт, алар жазында гүл ачып, тоо этектерин, талааларды көркө бөлөйт. Респ-канын түштүгүндө кезиккен Унгерния уруусунун пияз түбүндө көп өлчөмдө алкалоиддер болгондуктан, алар уулуу өсүмдүктөргө кошулуп, медицинада пайдаланылат.

АМБАРЦУМЯН Виктор Амазаспович (5. 9. 1908-ж. т., Тбилиси) — сов. астрофизик. 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Соц. Эмг. Баатыры (1968). Анын эмгектери негизинен тумандуулуктар ж-а жылдыздар физикасы, жылдыздар астрономиясы ж-а жылдыздар системасынын динамикасы, жылдыздар космогониясы ж-а галактикалар б-ча изилдөөлөргө арналган. А. СССР ИАнын (1953) ж-а Армян ИАнын (1943) акад., Армян. ССР ИАнын президенти (1947). Ереван ун-тинин проф. (1947). А. газ тумандуулуктарынын таркашынын сандык теориясын түзүп, жылдыздар системасынын статистикалык механикасынын негизин иштеп чыкты. О. эле жылдыздардын топтолушунан айрым жылдыздардын четтеп, бөлүнүп кетишинин негизинде аның жашын баалоого боло тургандыгын көрсөттү. 1947-ж. бөлүнүү кырдаалында турган жаңы типтеги жылдыздар системасы, жылдыздык ассоциация деп аталгандардын динамикалык туруктуу эместигин изилдеген ж-а ачкан. Жылдыздык ассоциациянын өтө жаштыгы бир катар негизги жылдыздар космогониясынын проблемаларын чечүүгө мүмкүндүк берди. Анын корутундусу б-ча жарык нуру жылдыздар аралыгындагы туташ чөйрөдө эмес, айрым күңүрт тумандуулуктарда жутулат. А. тарабынан негизделген жаңы багыттар астрон. илимининн өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизди. Ал — СССРде теориялык астрофиз. мектебинин, Армян ССР ИАнын Бюракан астрофиз. обсерваториясынын негиздөөчүсү (1946) ж-а директору. Эл аралык астрон. союздун вице-президенти (1948—55) ж-а президенти (1961—64); чет өлкөлүк көп академияларга, илим. коомдорго мүчө. А. 1968-ж. Илимий союздардын эл аралык советинин президенти болуп шайланган. СССР Жог. Советинин 3—9-шайл. депутаты. Мамл. сыйлыктын лауреаты (1946, 1950), үч жолу Ленин ордени ж-а СССРдин дагы башка ордендери, медалдары ж-а чет өлкөлүк ил. коомдордун медалдары м-н сыйланган.

Чыг.: Проблемы эволюции Вселенной, Ер., 1968.

Ад.: Амбарцумян В. А., (Биобиблиографический очерк), Ер., 1954.

АМБИСТОМА (Ambystoma) — жерде-сууда жашоочулардын куйруктуулар түркүмүнө кирүүчү жаныбар. Денесинин түзүлүшү *саламандрага* окшош; уз. 28 *см*, 20 түрү бар. Түп. ж-а Борб. Америкада көбүнчө нымдуу жерлерде таралган. Мрамор сымал А. (A. opacum) дүмүрлөрдүн коңуздарында жашап, жумурткаларын кургак жерге туйт. Момолой сымал А. (talpoideum) ийиндерде жашап, жумурткасын сууга туйт. Андан денеси жалпак, тышкы бакалоору ж-а жонунда тери таракчалары бар личинка өсүп чыгат. Метаморфоздук өөрчүшүнөн кийин А. кургакка чыгат да, жыныс органдары жетилип, көбөйө баштайт. Жолборс түстүү А-нын бир түрүнүн (A. tegrinum) личинкасы (аксолотль) метаморфоздук өөрчүштү өтпөй туруп, көбөйүүгө жарамдуу.

АМБУЛАТОРИЯ (лат. ambulatorius — токтоосуз иштелүүчү) — келген ж-а үйүндө жаткан сыркоолорго мед. жардам көрсөтүп, дарылоочу ж-а оорунун алдын алуу иштерин жүргүзүүчү мекеме. Россияда А. 17-к-дын башында негизделген. СССРде А-лык жардам терр-ялык-участок принцибинде, б. а. оорулуунун жашаган ж-а иштеген жерине, кайсы мекемеге бекитилгендигине карата жүргүзүлөт. А-ным поликлиникадан айырмасы, мында хирургия, ички оорулар, тиш оорусу (айрым учурда төрөт ж-а аялдар оорусу, балдар оорусу) сыяктуу негизги адистиктер б-ча гана мед. жардам көрсөтөт. А. оорукана м-н бирге же өзүнчө болот. Мында дарылоо иштеринен тышкары оорунун алдын алуу чаралары, санитариялык агартуу ж. б. иштер кеңири жүргүзүлөт. Элге көрсөтүлгөн бардык мед. жардамдардын 80% ке чейинкиси А-лык мекемелер болгондуктан, алардын ролу өтө чоң. А. үч категорияга бөлүнөт. 1-категориясында 5, экинчисинде 3—4, үчүнчүсүндө 1—2 врач иштейт. 1974-ж. жалаң гана Кырг-ндын территориясында бир миңден ашык А. ж-а ошол типтеги мекемелер иштеген, к. *Саламаттык сактоо.*

АМЕНОРЕЯ (*a*..., mén — ай ж-а rhéo — агуу) — этек кирдин келбей калышы. Физиол. кубулуш катары кыздар бойго жеткенге чейин, аялдар көш бойлуу, эмчек эмизүү мезгилдеринде ж-а климакс учурунда (45—55 жаштан кийин) байкалат. Калган учурларда А. кандайдыр бир ооруну билдирет. А-ным башынан этек кири келбеген ж-а келип жүрүп токтолгон түрлөрү кездешет. Ал фолликулдардын жетилишинин ж-а сары денеченин иштелип чыгуусунун бузулгандыгына байланыштуу. А-ным өнүгүүсүнө ар кандай жугуштуу оорулар, ички бездердин бузулушу, первдик, психикалык бузулуулар, жүрөк-кан тамыр оорулары, ар кандай ууланууулар, өтө кыйналуу, бойдон алдыруу ж. б. себеп болот. А. жыныстык органдардын начар жетилүүсүнөн, алардын ар кандай кемтиктеринен ж-а оорулары-нан да пайда болот. Кээде А. зат алмашууну өзгөртүп, оорулуунун көңүлүн чөгөрүп, жагымсыз сезимдерди пайда кылат. А-ны дарылоо үчүн оорунун негизги себебин таап, гормондук дарыларды колдонуу, таза абада болуу ж-а маалы м-н тамактануу керек.

АМЕНХОТЕП КЕНЖЕ (МЛАДШИЙ) — байыркы египет архитектору (б. з. ч. 15-к.), «фараондун бардык иштеринин башчысы». Луксордогу Амона-Ра күдайынын (ага-инилүү арх. Гори ж-а Сути м-н бирге), Карнактагы Амона-Ра храмындагы башкы оорукана залынын борб. колоннасын, Солебедеги храмдарды курган ж-а Карнактагы Мут күдайынын храмын кайрадан тургызган.

АМЕРИКА — Батыш жарым шардагы эки материктен турган дүйнөнүн бөлүгү. Атлантика ж-а Тынч океанынын ортосунда жайгашкан. Жалпы аянты 42,5 млн. *км*², калкы 511 млн. (1970). А-нын составына



Түн. ж-а Түш. Америка материктери, дүйнө жүзүндөгү ири арал — Гренландия ж. б. а-дар кирет. Түн. ж-а Түш. А. Панама мойногу аркылуу бөлүнөт. Табият шартын, к. *Түндүк Америка, Түштүк Америка* ж-а *Борбордук Америка.*

Тарыхы. Түн. А-нын түн.-чыг. жээгин ж-а Гренландия а-лын 1-жолу 10—11-к. нормандар ачкан. Антиль а-дарынын, Түш. А-нын түн. жээктеринин бир бөлүгүн, Түн. А-нын Кариб деңизинин жээктеринин түш. бөлүгүн 1492—1503-ж. Христофор *Колумб* ачкан. Материк 1507-ж. бул жерди жер шарынын жаңы бөлүгү деп 1-болжолдогон флоренциялык саякатчы Америго *Веспуччинин* атынан аталган. А-нын азыркы калкы мурдагы европалыктардын тукумдарынан, кул катары алып келинген африкалыктардан, жерг. индеецтерден келип чыккан. А-нын калкы антроп. жагынан ар кыл. Сан жагынан эң көбү — европеиддер, алар Түн. А. калкынын 90%ын, Түш. А-нын ½ бөлүгүн түзөт. 2- орунда — метистер (индеецтер м-н европалыктардын аралашмасы), алар Мексикада, Борб. А-нын көп жеринде, Венесуэлада, Парагвайда турат. 3-орунда мулаттар (европалыктар м-н африкалыктардын аралашмасы), буларга Браз., Куба, Венесуэла, АКШ, Вест-Индиянын элдеринин бир бөлүгү кирет. Мындан кийинки улуттуу топ — негроиддер, Бразилиянын, Гаитинин, Ямайканын ж. б. мамлекеттердин негизин түзөт. Монголоид расасына *абориген* калктар — индеецтер кирет. Булар негизинен Борб. ж-а Түш. А-нын бир р-ндорунда (Боливия, Венесуэла, Колумбия, Эквадор, Перу, Гватемала ж. б.). А-ным калкынын көпчүлүгү индоевроп. тилдерде сүйлөйт. Түн. А-да англис, Мексикада, Түш. ж-а Борб. А-нын бир катар элдеринде испан ж-а португал тилдери басымдуулук кылат. Канаданын мамл. эки тили (англис ж-а француз) бар. Гаити м-н Вест-Индиянын көп бир майда а-дарындагы элдер французча да сүйлөшөт. Индеецтердин (кечуа, аймара, ацтеки ж. б.) өз тилдери анда-санда гана сакталып калган, ал эми Африка тилдеринен этникалык топтордо эч бири сакталган эмес. Латын А-да католик дини басымдуулук кылат. А-да саны жагынан көп улуттар — американдыктар, англ.-канадалыктар (*к. Канадалыктар*), мексикалыктар, бразилиялыктар, аргентиналыктар, колумбиялыктар, чилиликтер, венесуэлалыктар, кубалыктар. А-да 50 өлкө бар, аның 28и — көз каранды эмес мамлекет ж-а 22си — колония. А-ным салсий картасы 2-дүйн. согуштан кийин бир топ өзгөрдү. Куба — материктеги 1-соц. мамлекет. Гайана, Ямайка, Тринидад ж-а Тобого, Барбадос сыяктуу көз каранды эмес жаңы мамлекеттер пайда болду. Чарбачылыгын, к. *Түндүк Америка, Түштүк Америка, Борбордук Америка.*

АМЕРИКА АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯЛАР — Америкадагы респ-калардын конф-ялары. Бул конф-яны чакыруу идеясын Лат. Америкасындагы мамлекеттер айтышып, аны АКШ колдогон. АКШ конф-я аркылуу Лат. Америкасында өз үстомдугун орнотуп, импер. атаандаштарына каршы күрөшүүнү көздөгөн. 1-конф-я Вашингтондо өткөн (1889-ж. 2-окт.— 1890-ж. 19-апр.). 4-конф-яда АКШ тануулаган *Монро доктринасына* делегаттардын көбү каршы болгон. АКШ 9-конференцияда (1948-ж. 30-март — 2 май, Богота) амер. мамлекеттеринин уюмун (ОАГ) түзүүгө жетишкен. 10-конференцияны (1954-ж. 1—28-март, Каракас) делегаттарына АКШ «Эл аралык коммунизм менен күрөшүү жөнүндө» деген рез-яны тануулады. 11-конферен-

циясы чакыруу мөөнөтү көп жолу өзгөртүлдү. Анын аралыгында Тышкы иштер министрлеринин консультативдик кеңешмелери 5 жолу чакырылды. Аларда АКШ Кубадагы рев-яны ж-а Лат. Америкасындагы улуттук-бошт. кыймылын басып, ал ишке Лат. Амер. өлкөлөрүн тартууга аракеттенди. АКШнын кысымы м-н 1962-ж. Куба ОАГдан чыгарылды, 1964-ж. Кубага каршы репрессиялык чаралар ж-дөгү чечим кабыл алынды. АКШ А. а. к-ды Лат. Америкасындагы өлкөлөргө кысым көрсөтүүчү, алардагы улуттук-бошт. кыймылын басып-жанчуучу куралга айландырууга аракеттенип келе жатат.

АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ (АКШ)

Жалпы маалымат. АКШ — Түн. Америкадагы мамлекет. Түндүгүнөн Канада, түш.-батышынан Мексика м-н чектешет. Анын чыгышында Атлантика океаны, түш.- чыгышында Мексика булуңу, батышында Тынч океаны жатат. АКШнын терр-ясы үч бөлүктөн турат: Түн. Американын ортоңку бөлүгүндө жайгашкан негизги «чектеш штаттар» (аянты 7,8 миң $км^2$, калкы 202,5 млн.), материктин түн.-батышындагы Аляска (1,5 млн. $км^2$), Тынч океандын борб. бөлүгүндөгү Гавай а-дары (16,7 миң $км^2$). Жалпы аянты 9,4 млн. $км^2$. Калкы 1974-жылдын маалыматы б-ча 212,5 млн. Борбору — Вашингтон (748 миң, шаар айланасы м-н 2,9 млн., 1972). АКШ — колониялуу өлкө. Анын карамагындагы жерлер (кашаадагысы калктын саны, миң киши м-н) — Пуэрто-Рико (2842), Вест-Индиядагы Виргиния а-дары (59), Чыг. Самоа (29), Гуам (100) ж-а Океаниядагы бир топ майда аралдар. АКШнын убактылуу «опекасында» Тынч океандагы Каролина Мариан ж-а Маршалл а-дары (100) турат. 1903-жылдан бери Панамага таандык Панама каналынын зонасы (56) АКШнын арендасында.



Мамлекеттик түзүлүшү. АКШ — федеративдүү респ-ка, ал 50 штаттан ж-а борб. Колумбия федералдык округунан турат. Азыркы конституциясы 1787-ж. 17-сентябрда кабыл алынып, 1789-ж. 4-мартта күчүнө кирген. Кийин ага 26 жолу түзөтүү киргизилген. Мамл. башчысы — президент; ал өкмөт башчысы болуу м-н катар куралдуу күчтөрдүн да башкы командачысы. Президент м-н вице-президент эки баскычтуу шайлоодо 4 жылга шайланат. Закон чыгаруучу бийликтин жог. органы — конгресс (парламент), ал 2 палатадан — сенат (сенаторлор 6 жылга шайланат, ар бир штаттан 2 сенатор болот) ж-а өкүлдөр палатасынан турат (2 жылга шайланат). Сенат составынын 1/3 бөлүгү ар 2 жылда жаңыртылып турат. Өкүлдөр палатасынан сенаттын укугу кеңирээк. АКШнын Жог. соту штаттардын конституцияга ылайык келбеген закондорун бузууга укуктуу. Ар бир штаттын өзүнүн конституциясы бар. Штаттардын башчысы — губернатор, ал тике шайлоо жолу м-н 2 жылдан 4 жылга чейинки мөөнөткө шайланат.

Вашингтон. Капитолий (конгресстин имараты).



Табияты. АКШнын терр-ясынын 1/2 бөлүгүн бийик тоо кыркалары, бөксө тоолор ж-а Кордильер платосу ээлеп жатат. Чыгышынан Аппалач тоолору (2037) орун алган. Аппалач м-н Кордильердин аралыгында жазы түздүк жатат. Ага чыгышынан Борб. түздүк (бийикт. 500 *м* ге чейин), батышынан Улуу түздүк (бийикт. 1600 *м* ге чейин) туташып жатат. Бул түздүктөргө түштүктөн Атлантика океанын бойлой созулуп кеткен жээктеги ойдуңдар (Флорида ж. а-ын кошо) биригип турат. Аляска кырка тоосунда Түн. Америкадагы эң бийик Мак-Кинли (6194 *м*) чокусу бар. АКШнын жери нефть, табигый газ, кара ж-а түстүү металлдар, уран рудалары, күкүрт, фосфорит ж. б. кендерге бай. Өлкөнүн көпчүлүк бөлүгүнүн климаты мелүүн ж-а субтропиктик-континенттик, Флориданын түштүгүндө тропиктик, Аляскада суук континенттик. Январдын орт. темп-расы Борб. түздүктүн түндүгүндө — 18°С, түн.-батышында — 12°С, Флорида ж. а-да 20°С. Июлдуку бат. жээктеринде 14°—22°С, чыг. жээгинде 16°—26°С. Ички платолору м-н бөксө тоо тилкелеринде 32°С. Жылдык жаан-чачын ар түрдүү: түн.-батышында ж-а түш.-чыгышта 1000—2000 *мм*, борб. бөлүгүндө 600—900 *мм*, Улуу түздүктө 400—600 *мм*, бөксө ж-а платолордо 400 *мм* ден аз, кээ жерлерде 100 *мм* ден да төмөн. Ири дарыялары: Миссисипи ж-а анын куймалары — Миссури, Огайо, Колумбия, Колорадо, Юкон. Миссисипинин сол куймаларынын суусу мол, көп жерлерде кеме жүрөт, гидроэнергет. ресурстарга бай. Оң жакkы куймаларынын суусу аз, агымы шар. Өлкөнүн түн.-чыгышында Улуу көлдөр системасы (жарым-жартылайы Канадада) бар.



Колорадо дарыясындагы Чоң каньон.

Алар — дүйнөдөгү тузсуз көлдөрдүн эң ирилери. Өлкөнүн чыгышы токойлуу. Мелүүн-алкактык жеринин кыртышы чымдуу, күл топурактуу ж-а күрөң топурактуу, субтропиктик алкак кызыл ж-а сары топурактуу. Борб. түздүктүн бат. тарабы кара ж-а кара кочкул, Улуу түздүктүн кыртышы кара ж-а күрөң кызыл топурактуу. Кордильердин нымдуу төмөнкү этегинде тоолуу токой топурагы, бийиктеген сайын күлдүү тоо топурагы басымдуу. АКШнын терр-ясынын жарымы токойлуу, анын 40% кыйылып, айдоо аянтына айланган. Түн.-чыгышында көбүнчө аралаш токой өсөт, түштүгүндө алар жазы жалбырактуу ж-а субтропиктик аралаш токойго айланат. Ички бийик эмес бөксө тоолорго, Улуу түздүккө жарым чөл өсүмдүктөрү мүнөздүү. Кордильердин беттеринде ийне жалбырактуу токойлор өсөт. Материктин чыгышындагы токой зонасынын түн. жагында вапити бугусу, амер. багышы, пума, сүлөөсүн, кара аюу, түштүгүндө виргиния бугусу, кызыл сүлөөсүн, тыйын чычкан, енот, скунс, жарым чөл ж-а талааларында бизон (коруктарда сакталып калган), айры мүйүз антилопа, койот, кашкулак, прерия түлкүсү, чарылдак жылан, заар тиштүү кескелдирик ж. б. бар. Кордильерде тоо эчки, аркар, гризли аюусу учурайт.

Калкы. Калкынын саны жагынан АКШ дүйнөдө 4-орунда турат (Кытай, Индия ж-а СССРден кийин). Калкынын көпчүлүгү — *американыктар* — Европа ж-а Африка өлкөлөрүнөн көчүп барган элдердин укум-тукумдары. Американыктардын тили — англис. АКШда Африкадан алып келинген кулдардын тукумдарынан 23 млн. негр (мулаттар м-н) жашайт. 1970-ж. негрлер АКШдагы калктын 11,2%ин түзгөн. Жерг. калк — *индеецтердин* көбү жок кылынган, аман калгандары (0,5 млн.) резервацияда жашайт. Негрлер, о. эле индеецтер, мексикалыктар, пуэрторикалыктар расалык дискриминациядан, экон. ж-а маданий теңсиздиктен жапа чегишип, катуу эзилип жатат. Негрлердин тең укуктуулук үчүн күрөшү барган сайын күчөөдө. Калкынын акыркы он жылдын (1960—70) ичиндеги өсүшү 1,36% түзгөн (1950—60, 1,86%). Калктын орт. жышт. 1 $км^2$ ге 22 киши. Экономикасы өнүккөн түн.-чыг. штаттарында калктын орт. жышт. 1 $км^2$ ге 100 киши, Аляскада 1 $км^2$ ге 0,2 киши туура келет. Ири шаарлардын интенсивдүү өсүшүнө байланыштуу айыл калкы азайып кетти. Калктын 70%тен ашыгы ири шаарларда. Ири шаарлар (калкынын саны шаар айланасы м-н, 1970): Нью-Йорк (7,7 млн. ж-а 16 млн.), Лос-Анджелес (2,8 ж-а 7,0), Чикаго (3,3 ж-а 6,9), Филадельфия (1,9 ж-а 4,8), Детройт (1,5 ж-а 4,2), Сан-Франциско (0,7 ж-а 3,1). Эмгекке жарактуу калк — 80,7 млн., анын 3,6 млн-у а. ч-сында иштейт.

Тарыхый очерк. АКШнын терр-ясын европалыктар колония кыла электе анда индеецтер ж-а эскимостор (Аляскада) жашап, алар алгачкы общиналык түзүлүштүн ар кайсы баскычтарында турушкан. 16-к-да (1492) Х. Колумб Американы ачкан соң, Түн. Америкага европалыктар көчүп бара баштады. Адеп биротоло көчүп баргандар (17-к-дын башы) англиялыктар болгон. 18-к-да орустар Алясканы өздөштүрө баштады, 18-к-дын аягында Калифорнияга испаниялыктар, 19-к-дын башында орустар отурукташты. Түн. Америкадагы англ. колониялардын социалдык-экон. өнүгүшү буржж. жол м-н жүрдү. Жаңы Англиянын колонияларында (Азыркы АКШнын түн.-бат. жагында) майда фермер чарбасы ж-а капит. мануфактура тарады. Дыйканчылыкта феодализмдин элементтери, кулчулук ж-а кул сатуу (көбүнчө Түштүк жакта) да сакталып калган. Англ. буржуазия колонияларды метрополиянын ө. ж. үчүн сырьё булагы, товарлардын базары деп караган. Жети жылдык согуштан (1756—63) кийин колон. өзүнүн кескин күчөшү метрополияга каршы массалык кыймылды туудуруп, ал кыймыл рев-яга, Түн. Американын көз каранды эместиги үчүн согушка (1775—83) айланды. 1776-ж. 4-июлда Көз каранды эместиктин декларациясы кабыл алынып, ал көз каранды эмес мамлекет — Америка Кошмо Штаттары түзүлдү деп жарыяланды. Англия 1783-ж. *Версаль тынчтык договору* б-ча АКШнын көз каранды эместигине макул болду. Колониялардагы тап күрөшү м-н кошо жүргөн Көз каранды эместик үчүн согуш Амер. континентиндеги 1-бурж. рев-я болду. 1787-ж. АКШны федералдык мамлекет деп белгилеген конституция кабыл алынып, анда буржуазия м-н плантаторлордун үстөмдүгү бекемделди. Дж. *Вашингтон* АКШга биринчи президент болду. Көз каранды эместик үчүн согуштан кийин АКШнын социалдык, экон. өнүгүшү негизги эки багыт б-ча жүрдү: Түн.-бат. жакта ө. ж. көтөрүшү болсо, түш. штаттарда плантациялык кулчулуктун реакциячыл системасы өкүм сүрдү. АКШ 1812—14-ж. *Англия-Америка согушунда* жеңип чыгып, көз каранды эместигин чыңдады. Ал эми 1823-ж. жарыяланган Монро доктринасында АКШнын экспансиячыл умтулушу ж-а бүт Амер. континентине үстөмдүк кылуу доо-маты ачык көрүндү. 1803-ж. эле АКШ Франциядан Луизиананы, 1819-ж. Испаниядан Флориданы сатып алган эле. 1836-ж. амер. кул ээлери Мексикадан Техасты тартып алды (1845-ж. Техас АКШга кошулган), Мексикага каршы баскынчылык согуштан (1846—48) улам АКШ Мексиканын терр-ясынын жарымына жакынын басып алды. Жаңы жерлерди басып алганда индеецтер албай кырылды. 30-жылдардын башынан АКШда кулчулукту жоюу үчүн жалпы улуттук кыймыл пайда болуп, ага негрлердин көтөрүлүштөрү кошулду. Буржуазия м-н кул ээлери бийлик үчүн күрөшүп, натыйжада түштүк штаттардагы кул ээлери союздан бөлүнүп кетти да, кул ээлөөчүлөр конфедерациясын түзүүнү чечти. Бул Граждандык согушка (1861—65) алып келди. Ал согуш мүнөзү жагынан бурж. рев-яга окшош болду. Согуштун жүрүшүндө ж-а андан кийинки Түштүктөгү бурж.-демокр. кайра куруулардын натыйжасында кулчулук жоюлуп, өлкөнүн бат. жагында агрардык маселе демокр. жол м-н чечилди, экон. тез прогресс үчүн ж-а а. ч-сында капитализмдин фермердик өнүгүш жолунун (амер. жолдун) биротоло жеңиши үчүн шарттар түзүлдү. Бүткүл бийлик буржуазиянын колуна өттү. Гражд. согуштан кийинки мезгилде АКШда ө. ж. төңкөрүшү аяктады. Экономиканын тез өсүшү м-н бирге эмгекчилердин эзилиши, жумушчулар м-н фермерлер кыймылын күчөттү. 1866-ж. Американын тарыхында 1-ирет жумушчулардын жалпы улуттук профсоюзу пайда болду, 1867-ж. 1-Интернационалдын секциясы, 1876-ж. АКШнын Жумушчу партиясы түзүлдү. Эмгекчилер 80-жылдары 8 сааттык жумуш күнү үчүн күрөштү. 1881-ж Американын эмгек федерациясы (АЭФ) түзүлдү. 19-к-дын акыркы чейрегинде АКШда монополисттик капитализмдин калыптануу процесси жүрүп, өлкө кубаттуу индустр державага айланды да, ө. ж продукциясынын көлөмү б-ча дүйнөдө 1-орунга чыкты. Өндүрүштүн концентрацияланышы м-н кошо финанс. олигархия түзүлүп, ал бурж. эки партиянын — респ-калык (1854-ж. түзүлгөн) ж-а демокр. (1828-ж. түзүлгөн) партиялардын системасы аркылуу өлкөнү бийлеп турду. Өлкөнүн тышкы саясаты 19-к-дын 2-жарымында Амер. континентинде АКШнын позициясын чыңдоого багытталып, анын экспансиячыл умтулуштарын күчөттү, империализм доорунун башталышы м-н ал умтулуштар ого бетер күчөдү. 1867-ж. АКШ падышалык Россиядан Аляскаты ж-а Алеут а-дарын сатып алды. 80—90-жылдары Гавай а-дарын басып алды. 1898-ж. АКШ Испанияга согуш жарыялап, Филиппинди, Гуам, Пуэрто-Рико а-дарын каратты да, Кубага протекторат орнотту. 1899-ж. Кытайда *«ачык эшиктер» доктринасы* жарыяланды. 20-к-дын башында АКШ Латын Амер. өлкөлөрүнө каршы бир нече жолу интервенция жасады. 1-дүйн. согуш башталганда, АКШ 2,5 жыл бою бейтараптык сактап, аны амер. монополиялардын кызыкчылыгы үчүн пайдаланды. 1917-ж. 6-апрелде АКШ Антанта тарапта согушка кирди. Согуш жылдарында АКШнын монополиялары ички ж-а тышкы позициясын чыңдап алды. Өлкөдө саясий реакция күчөдү. Улуу Британия ж-а Франция м-н бирге АКШ 1919—20-ж. антисов. интервенцияга катышты. Президент Вильсондун (1913—21) администрациясынын антисов. саясатына АКШнын жумушчу кыймылы каршы чыкты. 1919-ж. сентябрда өлкөдө коммунисттик эки партия түзүлүп, алар 1921-ж. биригишти. 1-дүйн. согуштан кийин АКШ м-н импер. башка державалардын (Улуу Брит., Франция, Япония) ортосундагы карама-каршылыктардын күчөгөнү 1919—20-ж. Париждеги тынчтык конф-ясында (Версаль договорун иштеп чыгууда) ж-а 1921—1922-ж. *Вашингтон конференциясында* көрүндү. 1924-ж. башталган экон. стабилдешүүнүн кыска мезгили 1929—33-ж. дүйнөлүк экон. кризистен үзгүлтүккө учурады. 1932-ж. АКШда 13 млн-дон ашык жумушсуз бар эле. Президент *Ф. Рузвельт* (1933—45) «жаңы курс» деп бир катар реформа жүргүздү, ал реформалар мамл.-монополисттик капитализмди өркүндөтүү м-н экономикадагы баш аламандыкты жок кылуу, ал эми жумушчулар м-н фермерлерге аздыр-көптүр «жем таштап» тап күрөшүн басаңдатуу максатын көздөдү. Рузвельттин өкмөтү ийкемдүүрөөк тышкы саясат жүргүздү. 1933-ж. ноябрда СССР м-н дипл. мамиле түздү. АКШ европ. маселеде бейтараптык ж-дөгү (1935) законду жамынып, чынында фаш. державалардын агрессияларына шыкакчылык кылды. Натыйжада ал 1939—45-жылкы 2-дүйн. согушка алып келди. Фаш. Германия СССРге кол салганда, Рузвельт СССРге жардам көрсөтүүгө АКШнын даяр экендигин билдирди. 1941-ж. 7-декабрда Япония АКШнын Тынч океандагы жерлери м-н базаларына кол салганда гана АКШ Японияга, анан Германияга ж-а анын Европадагы союздаштарына каршы согуш ачты. Согуштун жүрүшүндө СССР, АКШ ж-а Улуу Британия башында турган антигитлердик коалиция түзүлдү. Европада экинчи фронт ачуу ж-дө 1942-ж. июлдагы союздаштардын макулдашуусу Бат. державаларынын кесепетинен 1944-ж. араң ишке ашырылды. 1942-ж. АКШ м-н Улуу Британия Түн. Африкага, 1943-ж. Италияга кирип барды. Фаш. Германия кыйраган соң, АКШ 1945-ж. *Потсдам конференциясына* катышты. 1945-ж. августта АКШ Япониянын Хиросима ж-а Нагасаки ш-ларына зарылчылыгы болбосо деле варварларча атом бомбаларын таштады. 1945-ж. 8-августта СССР союздаштык милдетин аткарып, Японияга согуш жарыялап, анын кургактагы армиясын талкалады. 1945-ж. 2-сентябрда Япония багынып берди да, анын терр-ясын амер. армия оккупациялады. Согуштун натыйжасында капит. дүйнөдө АКШнын экон., саясий ж-а согуштук позициясы албай күчөдү. Согуш бүтөр замат эле АКШнын башкаруучу чөйрөлөрү дүйн. гегемонияга доомат кылып, президент Г. Трумендин өкмөтү (1945—52) СССРге каршы «кансыз согуш» саясатын жүргүзө баштады, согуш базаларынын тармактарын кеңейтип, Лат. Америкасында, Азияда экспансияны күчөттү. 1947-ж. *Трумендин доктринасы* жарыяланып, Бат. Европа өлкөлөрүндө капит. түзүлүштү бекемдөө максатында *Маршаллдын планы* түзүлдү. 1949-ж. 4-апрелде АКШнын демилгеси б-ча НАТОнун агрессиялык блогу түзүлдү. 1950—53-ж. АКШ Кореяга куралдуу интервенция жасады. Ички саясат жагынан Трумендин администрациясы демокр. күчтөрдүн ж-а профсоюздардын укуктарына кысым жасады (1947-жылкы жумушчуларга каршы *Тафта-Хартли закону* ж. б.). 40-жылдардын аягында, 50-жылдардын башында эркин ойлоочулар ж-а демократтар куугунтукка алынды. Д. Эйзенхауэрдин (1952—60) респ-калык администрациясы бийлеп турганда, АКШнын демилгеси б-ча согуштук СЕАТО (1954) блогу түзүлгөн. АКШ ГФРди НАТОнун системасына тартты. 1954-ж. амер. аскерлер Гватемаланы, 1958-ж. Ливанды басып кирди. Соц. өлкөлөрдүн пайда болушу ж-а күч алышы, СССРдин тынчтыкчыл саясаты, эл чарбасы м-н коргонуу күч-кубатын чыңдоо жагынан жетишкен ийгиликтери АКШнын башкаруучу чөйрөлөрү ойлоп тапкан ядролук коркутуу стратегиясын ж-а «жапырт өч алуу» доктринасын банкрот кылды. 50-жылдардын аягында экономикада кризис күчөп, демокр. ж-а гражд. укуктар үчүн негрлердин кыймылы көтөрүлүп, АКШда «согуш баштоонун кырында туруу» саясатына шек санагандар көбөйдү. 1960-ж. шайлоодо саясий катуу күрөш жүрүп, ийкемдүү тышкы саясат ж-а өлкөнүн социалдык-экон. турмушун оңдоо керек деп чыккан *Дж. Кеннеди* (демокр. партия) жеңип чыкты. 60-жылдардын башында АКШнын экономикасы аздыр-көптүр алдыга жылды, буга илимий-тех. рев-я, мамл.-монополисттик капитализмдин ролунун күчөшү, асыресе согуштук өндүрүш м-н калктын керектөө чыгымдарынын өсүшү себеп болду. Бирок өлкөдө жумушсуздар азайган жок (3—4 млн. киши), мамл. карыз көбөйдү, алтын запастары азайып, инфляция күчөдү, капит,

дүйнөнүн экспортунда АКШнын үлүшү төмөндөдү. Кеннединин өкмөтү социалдык карама-каршылыктарды жумшартуу б-ча чара көрсө да, жумушчуларга каршы закондон пайдаланды. Тышкы саясат жагынан Кеннединин өкмөтү согуш блокторун чыңдоого, АКШнын согуштук күч-кубатын күчөтүүгө, идеол. диверсия аркылуу «коммунизмди токтотууга», АКШнын ж-а бүткүл капит. системанын позицияларын чыңдоого чакырды. Ошону м-н бирге Кеннединин өкмөтү кийинчерээк эл аралык чатак проблемаларды сүйлөшүү м-н чечүү, СССР м-н карым-катнашка реалисттик мамиле кылуу жолун идей баштаган. 1962-ж. октябрда АКШнын Кубага каршы агрессиячыл аракеттери *«Кариб кризиси»* туудурду, бул кризис АКШ м-н СССРди куралдуу кагылышууга дуушар кыла жаздады. 1963-ж. августта Кеннединин өкмөтү үч сферада (асманда, жер үстүндө, жер алдында) ядролук сыноого тыюу салуу ж-дө Москва договоруна кол койду. Кеннединин саясий багыты



Эмгек акынын жогорулатылышын талап кылышкан Нью-Йорктогу авторемонтчулардын пикети.

АКШнын ашынган реакциячыл чөйрөлөрүн кыжырдантып, натыйжада 1963-ж. 22-ноябрда Кеннеди өлтүрүлдү. Анын ордун баскан Л. Джонсон (1963—68) мурдагы жолдон тайды да, 1964-ж. АКШ Индокытайда ачык эле согуш баштап, 1965-ж. Доминикан Респ-касына интервенция жасады. Өлкөнүн ичинде Джонсон сунуш кылган «Улуу коом» куруу программасы текке кетти, негрлер м-н студенттердин кыймылы, иш таштоо күрөшү кеңири кулач жайды. 1968-ж. шайлоодо респ-калык партиянын кандидаты *Р. Никсон* жеңип чыгып, ал бийликке келгенден соңку алгачкы мезгилде АКШнын экономикасы төмөндөдү. Инфляция, согуштук чыгымдар ж-а 1969-ж-дагы экон. кризис, андан кийинки депрессиялар бааны кымбаттатып, жумушсуздарды көбөйттү, өз укуктары үчүн, АКШнын Вьетнамдагы агрессиясына каршы эмгекчилердин күрөшүн күчөттү. 1972-ж. экономикасы бир аз өйдөлөсө да, 70-жылдардын башындагы инфляцияга 1973—74-жылдагы энергет. кризис кошул-ташыл болду. 1971-ж. ж-а 1973-ж. доллар девальвацияланышы валюта-финансы кризисинин проблемаларын чече албай, ушу тапта дүйн. капит. системаны, Япония ж-а «Жалпы рынок» өлкөлөрү м-н соодасын карама-каршылыктарын кошо камтыды. Тышкы саясатта Никсондун администрациясы адегенде Индокытай элдерине каршы согушта жеңишке жетишүүгө аракет кылды. АКШ Лаоско куралдуу күч м-н кийлигишип, 1970-ж. куралдуу күчтөрүн Камбоджага киргизди. Бул аракеттерден натыйжа чыкпаган соң, АКШ 1973-ж. январда Вьетнамда согушту токтотуу ж-а тынчтыкты калыбына келтирүү ж-дөгү келишимге кол коюуга, андан кийин Лаос б-ча дал ушундай келишим түзүүгө мажбур болду. 1970-ж. февралда эле Никсон конгресске жиберген посланиесинде тышкы саясат программасын (Никсондун доктринасын) жарыялаган. Ал программада АКШнын согуштук күч-кубатын көбөйтүү, региондук согуштук, саясий ж-а экон. союздардын системасында АКШнын таасирин чыңдоо, эл аралык аренада күчтөрдүн салыштырма салмагы социализмдин пайдасына оон бараткандыгына байланыштуу кээ бир жагынан өөрчүп бараткан өлкөлөрдө батышчыл күчтөргө сүйөнүү, АКШнын куралдуу күчтөрүнүн майда согуштарга түздөн-түз катышуусун кыскартуу белгиленген эле. Ал доктрина, о. эле соц. өлкөлөр м-н мамиле курууда «конфронтация заманынан сүйлөшүү заманына» өтүүнү жарыялаган. 70-жылдардын башында АКШнын саясатында реализмге умтулуу өөрчүй баштады. АКШнын президенти Р. Никсон 1972, 1974-ж. СССРге келип кетти. КПСС БКнын Ген. секретары, СССР Жог. Советинин Президиумунун мүчөсү Л. И. Брежнев 1973-ж. АКШга барып келди. АКШ м-н СССРдин ортосундагы мамилелерде оор абалды жеңилдетүү, өз ара пайдалуу кызматташ болуу жагынан бурулуш болду, бул бурулуш тынчтыкта жанаша жашоо ж-а дүйн. ядро согушунун коркунучун азайтуу принциптерин ишке ашырууга багытталган келишимдерден, булардын ичинде ядролук согушка жол бербөө ж-дө 1973-ж. июнда түзүлгөн келишимден көрүнүп отурат. Р. Никсондун ордун басып калган (1974) АКШнын жаңы президенти Дж. *Форд* да СССР м-н АКШнын өз ара мамилелери бараткан багытында өөрчүй бере тургандыгын атайын билдирди.

Саясий партиялары, профсоюздары жана башка маанилүү уюмдары.

Саясий партиялары. АКШда эки партиялуу система бар. Өлкөнү монополисттик капиталдын эки партиясы: Демократиялык партия (1828-ж. негизделген) ж-а Республикалык партия (1854-ж. негизделген) алмак-салмак бийлеп турат. Коммунисттик партия 1919-ж. негизделген. Өлкөдө анчалык саясий роль ойнобогон аз сандуу бир катар партиялар ж-а группировкалар да бар.

Профсоюздары. 1973-ж. амер. профсоюздардын 20 млн-дон ашык кишиси болду. Эң ири профсоюздук бирикме—Эмгектин америкалык федерациясы— Өндүрүштүк профсоюздардын конгресси [(ЭАФ — ӨПК), 1955-ж. түзүлгөн], 15 млн-дон ашык мүчөсү бар. 128 профсоюзду бириктирет. Профсоюздук аракеттердин бирикмеси 1968-ж. негизделген, 4 млн-го жакын кишиси бар. Порттогу жүк ташуучулардын жана склад жумушчуларынын профсоюзу—көз каранды эмес профсоюздардын эң ириси.

Уюмдары. Өнөр жайчылардын улуттук ассоциациясы (1895), Америкалык банкирлердин ассоциациясы (1875), АКШнын соода палатасы (1912), Газета басып чыгаруучулардын америкалык ассоциациясы (1887). Илимдин өнүгүшүнө жардамдашуунун америкалык ассоциациясы (1848). Элге билим берүүнүн улуттук ассоциациясы (1857), Кызыл кресттин америкалык улуттук коому (1881), Граждандык эркиндикти коргоонун америкалык союзу (1920). Америкалык легион—согуш ветерандарынын реакциячыл уюму (1919). Студенттердин улуттук ассоциациясы (1947), Жаш жумушчулардын боштондукка чыгуу үчүн союзу—жаш коммунисттердин уюму (1970).

Террористтик жана расисттик уюмдары. Ку-клукс-клан (1865), Джон Бэрчтин коому—фашистчил багыттагы реакциячыл уюм (1958), Миниттмендер—жарым-жартылай жашыруун аскерлештирилген фашистчил багыттагы уюмдар (1949), Ак граждандардын советтери — террористтик-расисттик уюм (1954). Расалык дискриминация м-н күрөшүп жаткан негр уюмдары: Кара калктын прогрессине жардамдашуунун улуттук ассоциациясы (1942). Түштүктөгү христиандык жетекчиликтин конференциясы (1957), «Кара пантера» (1970). Бириккен Улуттар Уюмуна жардамдашуу ассоциациясы 1923-ж. негизделген (1945-жылга чейин Улуттар лигасынын ассоциациясы аталган); Тышкы мамилелердин маселелери боюнча совет (1921-ж. негизделген). Америкалык-советтик достуктун Улуттук совети 1943-ж., «Аялдар, тынчтык үчүн күрөшкүлө!» уюму 1961-ж. негизделген.

Экономика-географиялык очерк. АКШ — азыркы капитализмдин башкы өлкөсү. 2-дүйн. согуш жылдарында катуу өнүккөн. АКШнын экономикасынын үлүшү дүйн. экономикада төмөндөп баратса да, башка капит. өлкөлөрдөн алда канча жогору. Ал эми өсүш темпи б-ча Япониядан ж-а көпчүлүк Европа мамл-теринен артта. АКШнын капит. дүйнөнүн ө. ж. өндүрүшүндөгү үлүшү (% м-н) 1938-ж. 36,6; 1950-ж. 54,6; 1960-ж. 45,8; 1965-ж. 44,9; 1969-ж. 43,4; 1970-ж. 40,8; 1972-ж. 40,8ди түзөт. А. ч-дагы үлүшү болжол м-н 1/3ге туура келет. Сырткы соодасынын айланымы (14% экспорттун көлөмү б-ча, 1971-ж.) ж-а капиталды сыртка чыгаруу б-ча да 1-орунда. АКШнын экономикасын ири монополисттердин кичинекей тобу бийлейт. 18 финансы-монополисттик топтун ичинен айрыкча Морган м-н Рокфеллерлердин финанс. тобу бөлүнүп турат. Согуштук өндүрүш м-н тыгыз байланышкан Калифорния м-н Техастын топтору тез өнүгүүдө. Мамл.-монополисттик капитализм кеңири өнүгүүдө. «Кансыз согуштан» ж-а Вьетнамдагы согуштан экономиканын милитаризацияланышы согуштук ө. ж. комплексинин калыптанышына жардам берди, өз кезегинде ал комплекс АКШнын коомдук турмушунун бүт тарабына таасир тийгизди. 1972-ж. согуштук чыгым 76 млрд. долларга жетти. Капитализмдин жалпы кризиси АКШда жумушсуздардын санын дагы көбөйттү. 1971-ж. атайын каттоодо такыр жумушу жоктор 5 млн-го жакындады. 1- ж-а 2-дүйн. согуштарда АКШ үч жолу (1920—21, 1929—33, 1937—39) кризиске учурады.

Негизги пайдалуу кендерди казып алуу ж-а ө. ж. продукциясын чыгаруу

	чени бирдиги	жылдар 1937	1958	1968	1969	1970	1973*
Таш көмүр	млн. т	404	372	490	494	556	541
Нефть	—»—	173	331	450	455	475	452
Табигый газ	млрд. м³	70	312	547	580	620	648
Электр энергия	млрд. квт·с	147	725	1440	1550	1638	1960
Чоюн	млн. т	38	53	83	85	83	92
Болот	—»—	51	77	119	128	119	137
Автомобиль	млн.	4,8	5,1	10,8	10,1	8,3	12,7
аның ичинен жеңил	—»—	3,9	4,3	8,8	8,2	6,5	9,7
Трактор (бакча ж-а огородго пайдалануучу трактордон башкасы)	миң	272	266	234	210	190	237
Цемент	млн. т	20	55	71	65	67	78
Күкүрт кислотасы	—»—	5	14	26	26	27	29
Синтетикалык каучук	—»—	—	1,1	2,2	2,3	2,2	2,6

* Болжолдуу маалыматтар

Экон. кризис согуштан кийинки жылдары да (1969—71, кризис чарбанын көп тармактарын камтыган) болду. Чарбасынын структурасы б-ча АКШ—индустр.-агрардык өлкө. 1970-ж. ө. ж-да иштегендердин саны а. ч-сына салыштырганда 5,5 эсе жогору эле, илимий-тех. рев-янын доорунда АКШда чарбанын тармактары ар түрдүү темп м-н өнүгүп жатат. Согуштук өндүрүшкө (ракета-космостук, радиоэлектрон, атом, нефть-химия ж. б.) байланыштуу жаңы тармактар өзгөчө тез өстү. Электр энергиясын өндүрүү да ылдам өнүгүп жатат. Эски ө. ж. тармактары гана бир калыпта өнүгүүдө. 1966-жылдан бери ылдам өсө баштаган ядролук энергетика жакынкы он жылда энергет. өндүрүштүн алдыңкы тармагына айланмакчы. 1971-ж. иштеген атом электр станцияларынын кубаттуулугу 6 млн. *квт* ка жеткен. Жог. деңгээлде өнүгүп жаткан оор ж-а жеңил ө. ж-ларынын ичинен оор ө. ж. 1-орунда. Иштеп чыгаруучу ө. ж-да иштегендердин 60% металлургия, химия ж-а машина курууда иштейт. 2-дүйн. согушка чейин АКШ минералдык сырьё ж-а отунду экспортко көп чыгарган өлкөнүн бири болгон. Азыр ал бул жагынан кайра ири импортёрго айланды (негизинен нефть, темир рудасын ж-а түстүү металлдардын рудалары м-н концентраттарын ташып келет). 1972-ж. ар бир адамга керектүү продуктуларды өндүрүү: нефть 2,2 *т*, табигый газ 3 миң *м*³, көмүр 2,6 *т*, электр энергиясы 9,3 миң *квт·с*, болот 0,6 *т*, цемент 0,35 *т* түзгөн.

Айдоо аянты ж-а маанилүү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жыйымы

	Аянты 1972-ж. (млн. га)	жыйымы (млн. т) 1968	1970	1972
Буудай	19,1	42,7	37,5	42,1
Жүгөрү	23,2	111,1	104,4	141,6
Соя буурчагы	18,5	13,5	13,2	34,5
Сулу	5,5	13,5	13,2	10,0
Шалы	0,7	4,0	3,8	3,9
Картошка	0,5	14,1	14,7	13,4
Пахта (була)	5,3	2,4	2,2	3,0

АКШда а. ч. продукциясынын көбүн индустр. типтеги ири капит. фермерлер берет. Бирок фермерлердин саны кыскарууда: алар 1935-ж. 6,8 млн. болсо, 1969-ж. 3 млн-го жакын калган. 2-дүйн. согуштан кийин феодализмдин калдыктары ж-а чайрыкердик аренда (көбүнчө пахта өндүрүүдө) сакталып калган АКШнын түш. бөлүгүнүн а. ч-сында көп өзгөрүүлөр болду. Майда фермерлердин ордуна ири «пахта фабрикалары» түзүлдү. А. ч-сын механизациялоо ж-а химизациялоо жог. деңгээлге чыкты. АКШ капит. өлкөлөрдүн ичинде жүгөрү, буудай, соя, пахта, тамеки, эт, сүт өндүрүү б-ча 1-орунда. Эң маанилүү дан өсүмдүгү — жүгөрү, негизинен тоютка жумшалат. Соя, тоют чөптөрү (көбүнчө беде), түрдүү жемиштер (айрыкча цитрус) ж-а жашылча чоң мааниге ээ. А. ч-сындагы товардуу продукциянын 55%не жакынын мал чарбасы берет. 1969-ж. 110 млн. уй, сааны 15 млн., 57 млн. чочко, 21 млн. кой болгон. Бакма канаттуулар, айрыкча жөжөлөр (бройлерлер) канаттуулардын ири ф-каларында көп өстүрүлөт. АКШда ашыкча өндүрүүдөн улам үзгүлтүксүз агрардык кризис өкүм сүрөт да, ал жерлерди кысыр аңыз калтырууга себеп болуп, фермерлерди жакырлантат. Ошол эле убакта 15 млн-дон ашык америкалык дайыма тамак-аштан кемчил жашайт.

АКШда трансп. системасы жакшы өнүккөн. Жүргүнчүлөрдүн 90%ин автотранспорт ташыйт. 1971-ж. бардык автомоб. жолдорунун уз. (шаарды кошо эсептегенде) 6 млн. *км* дон ашык болгон (асфальтталганы 4,8 млн. *км*). Автомобилдин саны 112 млн., анын 20 млн-у — жүк ташуучу машина. Темир жолдун уз. 345 миң *км* (1972). Ыраакы жол катнаштарында аба жолунун мааниси чоң. Ички суу жолдору Улуу көлдөр м-н Миссисипиден, Огайо м-н анын куймаларынан, Теннесси д-ларынан өтөт. Ири деңиз порттору: Нью-Йорк, Филадельфия, Балтимор, Бостон, Ньюпорт-Ньюс, Жаңы Орлеан, Хьюстон, Сан-Франциско, Лос-Анджелес, Чикаго ж. б.

1972-ж. экспортко кеткен машина, автомоб., самолёт тетиктери, көмүр, түстүү ж-а кара металлдар 48,9 млрд. доллар, импорттук даяр буюмдар, ө. ж. сырьёлору, болот, күмүш, алюм., калий, нефть ж-а нефть продуктулары 55,3 млрд. доллар болгон. Негизинен Канада, Япония, ГФР, Англия, Мексика, Венесуэла м-н соода жүргүзөт. Амер. башкаруучу чөйрөлөрдүн дискриминациялык саясатынын кесепетинен АКШнын СССР м-н соода байланышы көп жылдар бою өнүкпөй келсе, эки өлкөнүн лидерлеринин өз ара сүйлөшүүлөрүнүн натыйжасында Совет-Америка экон. байланышында аздыр-көптүр жылыш болду. Мис., 1972-ж. АКШ м-н биздин тышкы соода айланымыбыз 537,8 млн. сом түздү. Бирок АКШнын башкаруучу чөйрөлөрү алигиче СССР м-н соода-сатыкка кең жол ача элек. Акча бирдиги — доллар.

Куралдуу күчтөрү. АКШнын куралдуу күчтөрү кургактагы аскерлерден, согуш деңиз күчтөрүнөн, согуш аба күчтөрүнөн ж-а улуттук гвардиядан турат. Жог. башкы командачысы — президент. Армия ж-а флот негизинен ыктыярдууларды тартуу жолу м-н ж-а жалпыга бирдей аскерге милдеттүүлүк ж-дөгү закондун негизинде түзүлөт. Аскердик чыныгы кызмат өтөө мөөнөтү — 18 ай, армияга чакыруу курагы — 18,5 жаш. Куралдуу күчтөрдүн жалпы саны 1974-жылдын башында 2,4 млн-го жакын киши болду. Булардын бир кыйла бөлүгү АКШдан тышкары жерлерде жайгашкан. Кургактагы аскерлердин (861 миң киши) 13 дивизиясы бар, «Першинг», «Сержант», «Онест-Джон» тибиндеги оперативдик-тактикалык ж-а тактикалык ракеталардын 20 дивизиону ж. б. бар. Мындан тышкары кургактагы аскерлердин составына армиялык авиациянын бирикмелери ж-а бөлүктөрү кирет. 190 миң киши НАТОнун бириккен куралдуу күчтөрүнө берилген, алар ГФРде турушат. Согуш деңиз күчтөрүнүн (602 миң киши, мындан тышкары деңиз жөө аскерлеринин корпусунда 198 миң киши) 500дөн ашык согуш корабли, мунун ичинде 15 эпкиндүү авианосеци, кайыкка каршы 7 авианосеци, суу астында сүзүүчү 56 атомдук кайыгы, 65 десант корабли ж-а башкалары бар. Согуш деңиз күчтөрүнүн авиациясынын 5700гө жакын самолёту ж-а 1300гө жакын вертолёту бар. Согуш-аба күчтөрүнүн (730 миңден ашык киши) 6 миң самолёту ж-а 1054 континент аралык баллистикалык ракетасы бар.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. 1972-ж. 1000 кишиге эсептегенде,

төрөлгөндөр 15,6, өлгөндөр 9,4, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 18,5, ал эми негр балдардын өлүмү 38,8 болду. Өмүрдүн орт. узактыгы — 70,1 жаш (эркектердики — 66,7, аялдардыкы — 74,1), негрлерде бир кыйла төмөн — 64,0 жаш. Өлүмдүн негизги себептери: жүрөк оорусу, коркунучтуу шишиктер, борб. нерв системасынын кан тамырларынын бузулушу, травматизм. Жугуштуу ж-а паразиттик оорулардан өлгөндөр азыраак. Психикалык оорулар ж-а наркомания көп таралган. Ар кандай психикалык ж-а неврологиялык оорулар м-н 10 млн-чо адам ооруйт, каттоого алынган наркомандар 60 миңдей. 1971-ж. өлкөдө 1 555 560 койкалуу (1000 кишиге 7,7 койка) 7097 ооруканада 322 228 врач (630 кишиге 1 врач), 102 220 тиш врач, 723 миң орто билимдүү мед. кызматкер иштеген. Калкка ооруканадан тышкаркы жардамды көбүнчө жеке кожо иштеген врачтар көрсөтөт. Врачтарды 103 мектеп (1970—71) даярдайт, бир жылда алардан 8974 врач бүтөт. АКШда мед. жардамга акы төлөнөт, оору б-ча мамл. социалдык камсыздоо жок.

Эл агартуусу. АКШнын ар бир штатында окуу жайларынын тибин аныктаган өзүнчө мектептик закондору бар. Алардын жалпыга бирдей ж-а милдеттүү программасы жок. Жалпы билим берчү мектептер үч баскычтан (элементардык мектеп — 6 жыл, кеңже орто мектеп — 3 жыл, жог. орто мектеп — 3 жыл) турат. Элементардык мектепке 6 жаштагы балдар кабыл алынат. Закон б-ча көпчүлүк штаттарда окуу 15—16 жылга созулат. Жог. мектеп көп тармактарга бөлүнөт. Алардын: академиялык, жалпы коммерциялык, өнөр жай-индустриялык, үй чарба, айыл чарба деп аталган бир топ тиби бар. Ар бир тармакка милдеттүү ж-а факультативдик сабактар киргизилет.



АКШ. Лос-Анджелестеги (Калифорния штаты) Калифорния университетинин корпустарынын бири.

Эреже б-ча, акад. тармак жог. окуу жайына өтүүгө жол ачат. 1969—70-окуу жылында элементардык мектепте 32 млн-го жакын окуучу, орто окуу жайларында 19 674 миң окуучу окуган. Жог. окуу жайларына жалпы билим берүүчү мектепти бүткөндөр ж-а кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшыргандар кабыл алынат. АКШнын жог. окуу жайларына 2 жылдык кеңже колледж да кирет. Аны бүткөндөн кийин 4 жылдык колледждин 3-курсуна өтүүгө болот. 1964—70-окуу жылында жог. окуу жайларында 8 млн-го жакын студент окуган. Ири ж-а эски ун-ттердин катарына: Гарвард, Йель, Пенсильван, Принстон, Колумбия кирет. Ири китепканалар: Вашингтондогу Конгресс китепканасы (14,5 млн. пуска китеп ж-а брошюра), Нью-Йорктогу калк китепканасы. Чикаго, Бостон, Лос-Анджелестеги, Кливленддеги китепканалар. Калифорния, Гарвард, Йель ун-ттеринин китепканалары ж. б. Дүйн. маанисси бар музейлер: Вашингтондогу Улуттук музей, Нью-Порктогу Метрополитен музейи, Чикагодогу табигый-тарыхый музей ж. б.

Илим жана илимий мекемелери. 17-к-дын аягы — 18-к-дын башында Түп. Американын илимпоздору Лондон королдук коомунун (1662) тегерегине топтолгон. Ал учурдагы илим негизинен өсүмдүктөр м-н жаныбарлар ж-дө маалыматтар жыйнаган. 18-к-да В. Франклин электр тармагында изилдөөлөр жүргүзгөн. 1727-ж. илимге ышкыбоздор клубу уюшулуп, ал 1743-ж. амер. философтор коому деп аталат. Бошт. согуштан (1775—83) кийин экономиканын тез өнүгүшү жаратылыш байлыктарын изилдөөгө мүмкүндүк берип, айрым тех. жетишкендиктер жаралды. Натыйжада бир нече ил. мекеме м-н ассоциация пайда болду. 19-к-дын 70-жылдарынан күчтүү илимпоздор ун-ттердин тегерегине топтолду. Амер. физиктер Дж. Гиббс (электропиялык диаграмма, 1873; термодинамикалык потенциалдар методу, 1874—78) м-н А. Майкельсон (жарыктын ылдамдыгын аныктоо тууралуу 1881-жылдан баштап жүргүзүлгөн изилдөө иштери) бир топ ачылыштар жасады. Астрономия б-ча С. Ньюкомдун, Дж. У. Хиллдин, Э. Пикерингдин, С. Ланглиттин, Г. Ресселдин эмгектери белгилүү, Ж. Леб, Л. Бёрбанк өндүү илимпоздор биол. илимин өнүктүрүүгө чоң салым кошту. Т. Морган 20-к-дын башында тукум куучулуктун хромосомдук теориясын изилдеген. 19-к-дын алгында АКШнын өнүккөн индустр. капит. өлкөгө айланышы тех. илимдин тез өнүгүшүнө таасир этти. 2-дүйн. согуштан кийин илимди согуш максатына пайдалануу күчөй баштаган, 1959—60-ж. ил. из. иштерин өркүндөтүүгө мамл. тарабынан бөлүнгөн 5,5 млрд. доллардын 62% согуш мин-восына, 12% атом энергиясы б-ча комиссияга, 6% гана жаратылыш таануу тармагындагы теориялык ил. из. ишине бөлүнгөн. Сов. 1-спутник учурулуп, АКШ илим м-н техникасын бир топ маанилүү тармагынан СССРден артта калгандыгы далилденгенден кийин, мамл. ил. из. жумуштарын уюмдаштыруу маселелерине катуу киришип, адегенде согуш техникасы ж-а космоско учуу маселелери б-ча ар түрдүү комитеттер м-н мекемелер негизделген. Атом кыймылдаткычтары бар суу астында сүзүүчү кайыктар, реактивдүү кыймылдаткычтар, ракеталар, Жердин жасалма спутниктери, космос кораблдери жасалган. Американын «Аполлон-11» корабли (космонавттар: М. *Армстронг*, З. Олдрин, М. Коллинз) Айга конуп, Жерге кайра кайтып келди. Кибернетикада электрондук эсептөө машиналары жасалды, мед., биол. илиминин башка айрым тармактары да өнүгүүдө.

Басма сөзү, радио уктуруусу, теле көрсөтүүсү. 1970-жылдын башында АКШда 11 миңден ашуун газета чыккан. Анын ичинен 2 миңдейи күн сайын чыгат. Белгилүү ж-а информацияга бай газеталарга: «Нью-Йорк Таймс», «Нью-Йорк Дейли Ньюс», «Вашингтон Пост», «Уолл-стрит Джорнел», «Чикаго Трибюн» кирет. Жумасына чыгуучу коомдук-саясий журналдары: «Тайм» (40 чет мамлекетте басылат), «Ньюсуик»; экон. ж-а саясий журналдары: «Форин Афферс», «Форчун», «Юнайтед Стейтс Ньюс энд Уолд Рипорт», «Бизнес Уик». Бир катар өкмөттүк («Конгрешонал рекорд») ж-а профсоюздук («АФТ-КППнин жаңылыктары» — АФТ-КППнин органы) журналдар бар. СССР өкмөтүнүн макулдугу б-ча орус тилинде «Америка» деген журнал чыгат. Нью-Йорктo күн сайын амер. коммунисттердин органы «Дейли Уорлд» ж-а ил. социализмдин теориялык ж-а саясий журналы «Политикал Афферс» чыгат. Бурж. басма органдарын информация м-н камсыз кылып турган эң башкы агентстволор — Ассошиэйтед Пресс (1,5 миң газеталуу, 2 миң радиостанциялуу) Юнайтед Пресс Интернешонал (4 миңден ашуун амер. ж-а 5 миңден ашуун чет элдик окурман жазылат). Эң ири газеталык бирикмелер: Скриппс-Говард газета трести, Херст концерни, Мак-Кормик-Паттерсон трести ж. б. 1970-жылдын башында АКШда 6 миң радио, бир миңге жакын теле станция болгон. Чет элдер үчүн амер. берүүлөрдө АКШ өкмөтүнүн агентствосунун информация мекемеси жетекчилик кылат. Анын көзөмөлүндө «Голос Америки» (Вашингтон), «Радио Свободная Европа» (Мюнхен, ГФР) ж. б. бар. Бир нече чет элдик армиялык радио ж-а телестанциясы бар.

Адабияты. Амер. жергесинде европалыктар келгенче индеец урууларынын оозеки ж-а жазма поэзиясы (мифтер м-н жомоктор, эмгек, аскер



ырлары) гана бар эле. Амер. ад-тын алгачкы чыг-лары көбүнчө пуритандардын диний улама трактаттары ж-а колониялардын тиричилигинин баяндамалары катары жаралды (17-к). Американын улуттук ад-ты бошт. үчүн согуштун алдында (1775—83) түптөлө баштайт. Анын алгач жаралышы бурж. агартуучулар м-н демократтар Б. Франклиндин, П. Джефферсондун, революционер-демократ Т. Пейндин ысмы м-н байланыштуу. Бошт. үчүн күрөш идеялары Ф. Френонун, Дж. Барлоунун ч. б-дын поэзиясында чагылган. Амер. ад-ты 19-к-дын 20—30-ж. гана кемелине келди. 19-к-дын 1-жарымында романтизм басымдуулук кылган (повеллачы В. Ирвинг, акын У. К. Брайант, романчы Ф. Купер). Н. Хотори м-н Э. Поонун чыгармаларында сынчыл багыттар, Г. Мелвиллдин чыгармаларында демократизм орун алган. 40—60-ж. аболиционисттик адабият пайда болот. Д. Г. Уитьер, Г. У. Лонгфелло, Дж. Р. Лоуэлл, Г. Бичер-Стоу ж. б. акын-жазуучулар кулчулукту айбосуз сынга алышкан. «Трансценденталисттер» да негрлердин кулчулугуна каршы чыккан (Р. У. Эмерсон м-н Г. Д. Торо). Гражд. согуштун (1861—65) демократиялык ж-а кулчулдукка каршы идеялары У. Уитмендин чыгармачылыгына өз таасирин тийгизген. Ф. Брет Гарттын демокр. чыг-лыгы да реалисттик багытта болгон. 19-к-дын аягындагы амер. прогрессчил ад-ттын негизги методу — сын реализми (Марк *Твен*). 19-к-дын аягындагы амер. ад-ттын белгилүү реалисттери: У. Д. Хоуэллс, Х. Гарленд, С. Крейн, Г. Джеймс. Социалдык реалисттик романдын өнүгүшү Ф. Норрис, Дж. *Лондон*, *Т. Драйзердин* ысымына байланыштуу.

20-к-да амер. ад-тта прогрессчил ...а реакциячыл күчтөрдүн күрөшү ...ай курч мүнөзгө өттү. 20-к-дын ...ында Л. Стеффенсон турган «булганычтыкты шыпырын тазалоо» адабий кыймылы пайда болуп, ал монополиянын бийлигин катуу сынга алган (Э. Синклердин «Жунгли» романы). Ошол эле жылдары О. Генриинин данкы чыгат. 1-дүйн. согуштун натыйжасында бурж. иллюзиялардын таш-талкан болушу «жоголгон муундардын» ад-тын жаратты (Э. *Хемингуэйдин* алгачкы романдары). *Модернизм* ад-ты да бир топ өөрчүгөн (Г. Стайн, Э. Паунд). Рев-чыл ад-т да пайда болот. Дж. Рид «Дүйнөнү солкулдаткан 10 күн» деген китебинде Окт. рев-ясынын даңктуу санжырасын калтырган. Жумушчулардын турмушун Э. Синклер «Джимми Хиггинс» (1919) романында сүрөттөдү. 20-жылдар — амер. мещандарды ашкереледеген С. Льюистин чыг-лыгынын гүлдөгөн мезгили; Т. Драйзер эң ири романы — «Америкалык трагедияда» (1925) «америкалыктарча жашоонун жагдайын» кескин сынга алат. Ф. С. Фицджеральд өзүнүн мыкты чыг-ларын жаратат, У. Фолкнер м-н Дж. Стейнбек чыг-лык жолун жаңыдан баштайт. Пролет. ад-ттын дүркүрөп өсүшү 30-жылдарга туш келет (А. Мальц, Л. Хьюз, акын ж-а сынчы М. Голд ж. б.). Массалык прогрессчил адабий уюмдар (Дж. Риддин клубдары), прогрессчил журналдар («Нью Массес» журналы) пайда болот. Антифаш. чыг-лар жаралат (Э. Хемингуэйдин «Бешинчи колонна» пьесасы, 1938, «Коңгуроо кимге кагылат» романы, 1940, ж. б.). Маккартизм мезгили амер. ад-ттын сын багытын басаңдаткан. 2-дүйн. согуштан кийин ад-тка амер. турмуштун сын көз м-н караган таланттуу жазуучулар келди (Дж. Д. Сэлинджер, Дж. Апдайк, Т. Капоте, С. Белло ж. б.).

Негрлердин ад-тынын өнүгүшү теңдик үчүн күрөш м-н тыгыз байланышта. Дж. О. Килленс, Д. Болдуин ж. б. негр жазуучуларынын романдары кеңири белгилүү. Амер. поэзия айрым учурларда гана күч албаса, демейде көркөм проза м-н тең тайлаша албайт. 20-к-дагы акындардан Р. Фрост, К. Сэндберг, Э. Каммингс, Р. Лоуэллдерди белгилөөго болот. АКШнын азыркы кездеги белгилүү драматургдары: Ю. О' Нилл, Л. Хелман, А. Миллер, Т. Уильямс ж. б.

Архитектурасы жана сүрөт искусствосу. Байыртадан бери эле АКШ жергесинде индеец урууларынын мад-ты өнүгүп келген. Колония болгондон тартып шаарлар курулуп,



Нью-Хейвендеги. Классицизм стилинде салынган үйлөрү бар кочо.

коомдук имараттар, чиркөөлөр түргүзулуп, живописте портрет өнөрү өнүктү (Дж. Копли, Б. Уэст). Аваттык үчүн өөрчүгөн согуштар шаар курууну (арх. П. Ш. Ланфан, Вашингтон ш-нын планы), классицизмдин архитектурасын (арх. Дж. Хобан, Ч. Булфинч, Б. Латроб), портреттик ж-а баталдык живописин (Г. Стюарт, Дж. Трамбалл) өнүктүрдү. 19-к-да шаарлар дүркүрөп өсүп, архитектурада ж-а иск-водо опсуз чоң өлчөмдөгү ж-а куру салабаттуу чыг-лар басымдуулук кыла баштады. Аны м-н катар реалисттик иск-во да өнүгөт (сүрөтчү Дж. К. Бингем, У. Маунт). 20-кдын 2-жарымы жанрдык, портреттик, пейзаждык живописти (У. Хомер, Т. Эйкинс, Дж. Уистлер) ж-а скульптураны (О. Сент-Годенс) чоң чеберлерин берди. 19—20-к-дын ортосундагы курулуш техникасынын өнүгүшү асман тиреген имараттардын курулушуна шарт түздү. Арх. Х. Ричардсон, Л. Салливен, Ф. Л. Райт ж. б-лар коомдук ж-а тех. жаңы шарттарга ылайык формаларды табууга аракет кылды. Курулуштардын жаңы типтерин жаратқан амер. архитекторлордун ар түрдүү изденүүлөрү (Эро Саариnen, Л. Кан, М. Ямасаки, Мис Ван Дер Рóэ) шаарлардын стихиялык өнүгүшүнүн патыйжасында келип чыккан аябагандай татаал социалдык карамакаршылыкты жоё албай жатат.

Музыкасы. АКШнын музыкасында Түн. Америкада жашаган индеецтердин муз. фольклорунун, о. эле Европадан келишкен иммигранттардын ар кыл муз. мад-тынын таасири, негрлердин муз. фольклорунун салттары бар. АКШнын проф. музыкасы 18-кдын аягында калыптана баштайт. Американын алгачкы комп-лору — Ф. Гопкинсон, У. Билмингс, Дж. Лайон. Кийинчерээк элге кеңири таралган лирикалык ырлардын автору С. К. Фостер белгилүү болуп калды. 1860-жылдары европ. музыканттар АКШга гастролго барышат, симф. оркестрлер, муз. окуу жайлар ж-а коомдор пайда болот. 1883-ж. Нью-Йоркто «Метрополитен-опера» театры ачылат. АКШнын муз. мад-ты 19-к-дын аягынан тартып жаңы англиялык деп аталган мектептин таасиринде өнүгөт. Амер. улуттук композитордук мектебине негиз салган — Э. МакДоуэлл. Проф. музыканын өнүгүшүнө 1892—95-ж. АКШдагы Нью-Йорк консерваториясына жетекчи А. Дворжак чоң кызмат көрсөттү. Ал ушул жерде жаралган «Жаңы дүйнөдөн» симфониясында (1893) ж-а струналык квартетинде негрлердин ж-а индеецтердин фольклорунун мукамдуу ж-а ыргактуу кайрууларын пайдаланган.

20-к-дын башында джаз өнөрү пайда болот. 1920-жылдары Россиядан Е. А. Цимбалист, С. А. Кусевицкий, С. В. *Рахманинов*, Я. Хейфац, Г. П. Пятигорский, В. С. Горовиц өндүү ири музыканттар келишип, АКШнын муз. турмушуна жандануу киргизишти. 1920-жылдардын аягында француз импрессионисттеринин таасиридеги амер. проф. композитордук мектеп түзүлөт (Р. Гаррис, А. Копленд, У. Пистон, Р. Сешнс, Ч. Айвс). Джаз музыкасынын, ыр-бий фольклорунун стилистикалык ыкмалары «Порги жана Бесс» деген улуттук



туңгуч операның автору Дж. Гершвиндин чыг-лыгында өөрчүүлдү. Амер. көптөгөн композиторлордун чыг-лыгына 2-дүйн. согуштун алдында Европадан АКШга келген И. Ф. Стравинский, А. Шёнберг, Ч. Хиндемит, Э. Кшенек өңдүү чоң композиторлор таасир тийгизди. 1940—50-ж. муз. комедиялардын амер. түрү — мьюзикл (Р. Роджерс, Л. Бернстайн) таралат. Х. Ледбелли, Вуди Гатри, П. Сигер өңдүү обончулар ж-а элдик ырларды аткаруучулар, атактуу ырчы П. *Робсон* чыгат. 1950—60-ж. атагы чыккан амер. музыканттар деп мына буларды атаса болот: Ю. Орманди, Л. Стоковский, Л. Маазель (дирижёрлор); Дж. Брауниng, Джейнис Байрон, В. Клайберн, М. Дихтер (пианисттер); И. Менухин, И. Стерн (скрипачтар); М. Ланце, М. Андерсон, М. Доббс, Л. Прайс (ырчылар) ж. б. АКШда муз. билим уя-ттердин колледждеринде, консерваторияларда ж-а менчик муз. окуу жайларында берилет. 60тан ашык профессионал симф. оркестр (Нью-Порктo, Бостондо, Филадельфияда).

Театры. Түп. Америкада театрдын элементтери ацтектердин ж-а индеецтердин каада-салт оюндарында бар эле. Баскынчылар жерг. калктын мадтын басып турушкан. 17-к-да Европадан келген миссионерлер диний мазмундагы спектаклдер коё баштаган. Биринчи театр имараты 1716-ж. Уильямсбургда (Виргиния) курулган. 1751-ж. бул жерде Л. Халлемдин театры ачылган. Бул англ. труппа Түп. Америкада биринчи проф. театр өнөрүнө негиз салган. Көз караңды эместик үчүн болгон согуштун (1775—1783) учурунда театр оюндарына тыюу салынган. 1785-ж. Нью-Порктo кенже Э. Халлемдин труппасы кайра иштей баштайт. 18-к-дын аягынан амер. авторлордун, көбүнчө У. Дайлептин пьесалары коюлат. 1820—30-ж. чоң шаарларда кызыл кулак антрепренёрлор башкарган театрлар жаралат. Пуритандар каршылык кылса да, 19-к-дын 1-жарымында театр өнөрү өөрчүй берет, демократчыл ж-а чынчыл актёрлор мектептери түзүлөт. 19-к-дагы актёрлордон Дж. Бутсту, Ш. Кашмендн, А. Олдриджди, Дж. Джефферранды, М. Адамсты, Барримордун үй-бүлосүн көрсөтүүгө болот. Скетч ж-а концерт аралашкан жаңы спектаклдердин жанры пайда болот. 19-к-дын 2-жарымында театрлар көбөйсө да, алар көчмө абалында кала берет. Миссисипи д-дагы кемелерде «сүзүп жүрмө театрлар» күч алат. 1850—60-жылдан баштап антрепренёрлор же барктуу актёрлор тобу бир спектаклге гана актёр кабыл алышып, акча жыйнап бүткөнчө эл кыдырып, анан тарап кетишкен. Мындай практика 19-к-дын башында «жылдыздар» системасын пайда кылган. Бул система б-ча, актёрлор театрдын жетекчилери ж-а ээси болуп калышкан. «Жылдыздар» системасы 19—20-к-да Бродвей (Нью-Йорк) соода театрында өөрчүйт. 19-к-дын 2-жарымында АКШнын чоң шаарларында стационар театрлары уюштурулат. 19—20-к. монополисттик капитализмдин өсүшүнө байланыштуу театр треоттери келип чыгып, майда театрларды өзүнө сиңирет. 1896-ж. треоттер синдикаттарга бириге. 19-к-дын аягында «Бродвей театрлары» деген атка конгон коммерциялык театрлар жаралат.

20-к-дын башында жаралган майда театрлар элдин калың катмарын театр өнөрүнө кызыктыруу жагынан прогрессивдүү роль ойногон. Алар ышкыбоздор театры катары пайда болсо да, кийин кебү проф. театрга айланган. 1927-ж. Дж. Лоусон түзгөн «Жаңы драматургдардын театры» АКШнын пускалуу театр өнөрүнүн калыптанышына түртүк берген. Филадельфияда Дж. Риддин труппасы көзго көрүнө баштайт. 1932-ж. жумушчулар театрынын лигасы түзүлөт. 1929—33-ж. кризис учурунда театрдын саны кыскарып кетет. 2-дүйн. согуштан кийин маккартизм саясаты алдыңкы искусствонун өсүшүнө тоскоол кылат. 1944-ж. Е. М. Гальени ж-а реж. М. Уэбстер Нью-Порктo «американдык репертуар театрын» негиздешет. 1955-ж. Нью-Порктун жанында туңгуч Шекспир театры пайда болот. 60-жылдары ышкыбоздордун чала профессионал ж-а проф. театрларынын мааниси артат, алар «Бродвей иск-восуна» карама-каршы чыгып, коммерциялык эмес, эстет. максатты көздөйт. Бул театрлар «жылдыздар» системасын да четке кагат. Ачык идеялык багыты жоктуктан, ал театрлар журтчулукка зор таасир тийгизе албай, көңүл чөктү драматургияга кайрылат. Ошол эле убакта «Бродвей театрларына» алдыңкы тенденциялар кире баштайт. «Менин асыл заада Ледим», «Вестсайдын тарыхы» сыяктуу спектаклдер «мьюзкл» жанрында коюлат. 1957-ж. Нью-Порктo «Искусственун ликольдук борбору» ачылат. 60-жылдардын башында Бродвей театрлары м-н андан тышкары турган театрлар коммерциялык негизде жакындашып, жеңилжелпи мүнөздөгү репертуарды көбөйтөндүгү үчүн жаштардын протестин чыгарат. Экспериментттик, авангарддык спектаклдер пайда болот, «Бродвейден сыртқары театрлар» деген жаңы агым жаралат. 1947-жылдан баштап Нью-Порктo Актёрдук студия иштейт, аны жеке кишилер финансылап турат.

Кинoсу. АКШда фильмдер адегенде 1896-ж. Нью-Порктo, анан Голливудда чыгарыла баштаган. Кино 1910—20-ж. өзө жекече көркөм каражаттары бар Реж. Д. У. Гриффит тарыхый ж-а психол. драма м-н эпопея жанрын жаратса, Т. Х. Инс «вестерн» жанрын негизден, М. Сеннетт «үнсүз кино» мезгилиндеги комедия жанрын түзгөн. 20-жылдары кино өндүрүшү борбордошуп, бир нече ири кинокомпаниянын менчигине айланды да, Голливуд системасы пайда болду, ал 30-жылдары андан ары өнүкту. Кино ө. ж-нын финансы капиталы м-н бириги ши, киного каражаттын көп болүнүшү, амер. киносунун дүйн. рынокто алдыга чыгышы ж-а көп пайда түшүрүшү кинону амер. ө. ж-дын башкы тармагына айландырды, Голливуд фильмдерин америкача жашоо үлгүсүн жайылтуунун куралы кылды. Голливуд кино өндүрүшү «вестерн», салондук комедия, гангстердик фильмдер, тарыхый боевик-ж-а жалган романтикалык драма жанрында өнүктү, буларда Р. Валентино, М. Пикфорд, Д. Фербинкс, кийинчерээк — Г. Гарбо, Н. Ширер, К. Гейбл, Г. Купер, Х. Богарт ж. б. актёрлор тартылышкан. АКШнын турмушун сын реализм позициясынан чагылдырган фильмдерди айрым гана реалист режиссёрлор (Ч. *Чаплин*, Э. Штрогейм, К. Видор, Дж. Форд, Ф. Капра, У. Уайлер, У. Уэллс ж. б.) жаратты. Реж. У. Дисней мультипликация фильмине негиз салган.

2-дүйн. согуш (1939—45) мезгилинде амер. кино иштерлер Гитлерге каршы коалициянын күрөшүнө аздыр-көптүр көшүмча көшкөн. Кинодокументалисттер (Дж. Форд, У. Уайлер, Ф. Капра, П. Стерджес) айрыкча ийгиликке жетишти. Согуштан кийин, асыресе 50-жылдарда АКШда демократчыл багыттагы кино иштерлер күүгүнтүк жеди, о. эле телевидение пайда болду. Натыйжада амер. кинонун көркөмдүк деңгээли төмөндөдү, кинотеатрларга эл аз барып калды, кино ө. ж-да кризис баштады. 50-жылдардын орто чениңде голливуддук система кыйрады. Бир катар ири кинокомпаниялар телевидениеге өтүп, башкалары экран үчүн чыгарган фильмдердин санын кескин азайтты. АКШда банктардан жө кинопрокат компаниялардан карыз алып, өз алдынча фильм тарткан режиссёрлордун, актёрлор м-н продюсерлердин жаңы муунун пайда болду. Ал режиссёрлор — С. Крамер, А. Пейн, С. Кабрик, С. Люмет ж. б. 60-жылдары, 70-жылдардын башында амер. коомду сындаган реалисттик фильмдерди тартып, амер. киносуна жаңы багыт берди. 60—70-ж. реалисттик кино иск-вонун принциптерин тутқан М. Николс, П. Богданович, Ф. Перри, Ф. Коппола, Р. Рафельсон, С. Поллак өндүү режиссёрлор иштей баштады. Кинокадрларын Амер. кино ин-ту (Беверли Хиллс) ж-а Калифорния ун-ти (Беркли) даярдан чыгарат. Киноархивдер Нью-Порктогу Азыркы заман иск-восунун музейинде ж-а Тынч океан киноархивинде (Беркли) сакталат. Белгилүү киноактёрлору: Б. Ланкастер, М. Брандо, П. Ньюмен, Р. Стейгер, Г. Пек, Д. Фонда. 1972-ж. АКШда 257 көркөм фильм чыгарылып, 14700 кинотеатр иштеген.

Ад.: Фостер У. З., Октябрьская революция и Соединенные Штаты Америки, пер. с англ., М., 1958; История рабочего движения в США в новейшее время. 1918—1965. т. 1—2, М., 1970—1971; Иванов Р. Ф., В. И. Ленин о Соединенных Штатах Америки, М., 1965; Мальков В. Л., «Новый курс» в США. Социальные движения и социальная политика, М., 1973; Алахвердов Г. Р. и Кольцов П. С., Политика мира против политики агрессии, М., 1969; История американской литературы, т. 1, М.—Л., 1947; Засурский Я. Н., Американская литература XX века, М., 1966; Паррингтон В. Л., Основные течения американской мысли, т. 1—3, М., 1962—63; Чеголаев А. Д., Искусство Соединенных Штатов от войны за независимость до наших дней, М., 1960; Христиани А. М., Новейшая архитектура США (1945—1960), М., 1963; Конен В., Пути американской музыки, очерки по истории музыкальной культуры США, 2 изд. М., 1965; Мрсейон А., Кино и монополии в США, М., 1956; Колодяжная В., Трутко И., История зарубежного кино, т. 2. М., 1970.

АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ — илимдердин АКШдагы эң ири борбору. 1863-ж. Вашингтондо түзүлгөн. Анын 14 секциясы (матем., астрон., физ., тех., химия, геол., бота., зоол. м-н анатомия, физиол., патология м-н бактериол., антроп., психол., геофиз., биохим.) бар. 1919-ж. уюшулган Улуттук ил. из. совети Академия м-н тыгыз байланышта иштейт. Академиянын болүм башчылары 3 жылга шайланат. 6 мүчөдөн турган аткаруу совети жалпы ишке башчылык кылат. «Аңдар рипорт» (1863), «Мемориз» (1866) аттуу ил. эмгектердин жыйнактары чыгарылып турат.

АМЕРИКА ТАСКАКТУУ ЖЫЛКЫСЫ — 19-к-да Америкада чыгарылган таскактуу спорт жылкысы. А. т. ж-н чыгарууга мингич, таскактуу, жорго жылкы катышкан. Ал Россияга 10-к-



дын аягында тараган. Өңү тору, кара кер ж. б., боюнун бийиктиги 153—157, тулку боюнун уз. 154—158 *см*, күлүгү 1609 *м* аралыкты 1 *мин* 55,25 *сек* да таскактап өтүп, дүйн. рекорд койгон. Ал жылкы орлов жылкысы м-н аргындаштырылып, орус таскактуу жылкысы алынган.

«АМЕРИКА ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ», «Американа» — 1) АКШда (Нью-Йорк) басылып чыгарылуучу универсал энциклопедия. 16 томдуу 1-басылышы 1903—04-ж. чыккан. Кайра такталган 30 томдугу 1918—20-ж. басылган. Алар «А. э-ның» кийинки чыгарылыштарына, асыресе 1961-жылдагы 60 миңден ашык макаланы камтыган 30 томдуктун басылышына негиз болгон. «А. э.» көпчүлүк окуучуларга арналып, анда илимдин бардык тармагы б-ча: табият ж-а так илимдер, техника ж-а экономика, айрым адабий чыг-лар, музыка, сүрөт өнөрү ж-догу макалалар берилген. Мында макала-справкалар жайгаштырылган, айрым өлкөлөр, кылымдар («Он сегизинчи кылым», «Жыйырманчы кылым»), АКШ ж-а Америкадагы башка өлкөлөр (амер. иштмерлердин өмүр баяны, АКШнын штаттары, шаарлары, мекемелери ж. б.) тууралуу көлөмдүү макалалар, обзорлор да кезигет. «А. э-дагы» макалалардын көпчүлүгү антимаркстик, антикоммунисттик көз карашта жазылган. 1923-жылдан бери энциклопедияны маалыматтар м-н толуктап туруучу «Бир жылдык» чыгарылып турат. 2) 1829—48-ж. Филадельфияда чыккан 13 томдук энциклопедиянын аты.

АМЕРИКА-ИРАН ДОГОВОРЛОРУ ЖАНА КЕЛИШИМДЕРИ (1856, 1943, 1947, 1955, 1959, 1961). Достук жана соода жөнүндө амер. биринчи договорго 1856-ж. 13-декабрда Стамбулда кол коюлуп, эки өлкөнүн ортосунда дипломаттык мамилелерди түзүү мүмкүнчүлүгү каралган. Соода жөнүндө келишимге 1943-ж. 8-апрелде Вашингтондо кол коюлуп, ал Ирандагы америкалыктарга оңтойлуу шарт түзгөн. Ирандагы америкалык аскер миссиясы жөнүндөгү келишимге 1947-ж. 6-октябрда Тегеранда кол коюлган. Келишим 1943-ж. Иранга жиберилген аскер миссиясынын полномочиесин кеңейткен. Иран өкмөтү АКШ макул болбосо, башка өлкөлөрдөн аскер кеңешчилерин чакырбоого милдеттенген. Ал келишим азыр да күчүндө. Достук, экономикалык мамилелер жана консулдук укуктар жөнүндөгү договорго 1955-ж. 15-августа Тегеранда кол коюлган. Эки өлкөнүн гражданларына, компанияларына, соода ж-а консул байланыштарына карата шарт түзүү принцибин белгилеген. Согуштук келишимге 1959-ж. 5-мартта Анкарада түзүлүп, согуштук кызматташуу ж-а «Иранга каршы агрессия болгон учурда» АКШнын Иран өкмөтүнө жардам көрсөтүүсүн белгилеген. Экономикалык кызматташтык жөнүндө генеральный келишим 1961-ж. 21-декабрда Тегеранда түзүлгөн. Анда АКШ Иранга экон.-тех. жардам көрсөтүүсүнүн тартиби ж-а Иранга амер. экон. миссиясы жиберүү жагын караштыруу ж-дө макулдашылган.

АМЕРИКА-ИСПАНИЯ КЕЛИШИМИ — 1953-ж. 26-сентябрда Мадриддө 10 жылдык мөөнөткө кол коюлган келишим. Эгер эки жак тең келишимди бузгусу келгенин мурдараак билдирбесе, келишимдин дагы эки (5 жылдан) мөөнөткө узарып калуу шарты белгиленген. Коргонуу тууралуу келишим 6-ча, АКШ Испаниядагы аскердик, аскер-деңиз аэродромдорун ж-а атомдук-ракеталык базаларды кеңейтүүгө, куруугa ж-а пайдалануугa укук алган; Испанияга амер. согуш курал-жарагын берип турат. Экон. жардам тууралу келишим 6-ча, Испания өкмөтү Американын капиталына бир катар жеңилдик берүүгө милдеттенди. Бул келишимдин негизинде Пиреней а-да Амер. согуштук база пайда болду.

АМЕРИКА-КЫТАЙ ДОГОВОРУ (1946) — соода, навигация ж. б. байланыштар ж-дө АКШ м-н Чан Кайшинин өкмөтүнүн ортосунда 1946-ж. 4-ноябрда Нанкинде түзүлгөн тең укуксуз договор. Бул договор б-ча, американкалыктарга Кытайда жашоого, соода, ө. ж., илимий, агартуу, диний, филантропиялык иштерди жүргүзүү, Кытайдын ишканаларына амер. капиталдык салымдарды эркин салуу, монополиялык компанияларды түзүү, жаратылыш байлыктарын пайдалануу, АКШнын гражданларынын керт башына ж-а мүлктөрүнө кол тийбестикти гарантиялоо сыяктуу укуктар берилген. Амер. империалисттер А.-К. д-н ж-а 1946—48-ж. дагы 10дон ашык башка келишимдерди түзүү м-н жарым колон. Кытайды өзүлөрүнө толук көз каранды кылуу максатын көздөгөн. Элдик рев-яның жеңиши ж-а КЭРдин түзүлүшү (1949) бул договорлор м-н келишимдерди жок кылган.

АМЕРИКАЛЫКТАР — 1) АКШнын негизги калкы. Жалпы саны 210,54 млн. (1973), алардын ичинен 22 млн. негр м-н мулат дискриминацияланып турат. Улуттун негизин 17-к-дын башынан тартып Европадан Түп. Америкадагы Англия колонияларына көчүп барышкан англичандар, шотландиялыктар, ирландиялыктар, даниялыктар, француздар, испандыктар ж. б. түзөт. Амер. улутун калыптандырууда жерг. индеецтер ж-а африкалыктар да катышкан (17-к-дан баштап Түп. Американын колонияларына кулдар катарында африкалыктарды алып барышкан). Амер. улуту негизинен 1775—83-жылдагы Түп. Американын көз каранды эместиги үчүн болгон согуш учурунда калыптанды. Кийин амер. улутунун составына иммиграцияга барган ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү да кошула берген. Америкага 19-к-дын ортосунда *АКШдагы граждандык согуш (1861—65)* мезгилинде немецтер ж-а ирландиялыктар көп келишкен. 19-к-дын аягында Чыг. ж-а Түш. Европадан ж-а Азиядан көчмөндөрдүн келиши этникалык составды ар түрдүү кылып жиберген. Европадан им-

мигранттардын келиши 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында күчөйт. Тыюу салуучу закондор чыгарылган соң, 1-дүйн. согуштан кийин иммигранттардын саны кескин түрдө кыскарат ж-а аларга ар тараптан кысымдар көрсөтүлөт. А. англис тилинде сүйлөшот, мамл. тили да — англис тили. Элинин жарымынан көбү — протестанттар, калгандары — католиктер, пуританстер. 2) Амер. континенттиндеги бардык өлкөлөрдүн калкы да американыктар деп айтылат.

АМЕРИКАНЫН (АКШ) ВЬЕТНАМГА КАРШЫ АГРЕССИЯСЫ — АКШ-ның башкаруучу чөйрөлөрү Түш. Вьетнамдагы улуттук-бошт. кыймылын басып, аны өзүнүн Түш.-Чыг. Азиядагы согуш-стратегиялык базасы катары сактоо үчүн ж-а Түн. Вьетнамда социализмди курууга тоскоолдук кылуу максатында 1964—65-ж. Вьетнамга куралдуу күчтөрүн киргизүү м-н баштаган согуш аракеттери; 2-дүйн. согуштан кийинки мезгилдө бүткүл дүйнөдөгү тынчтыкка коркунуч туудурган эң ири куралдуу кагылыш. А. В. к. а. эл аралык укукту ж-а эл аралык келишимдерди одоно бузуу, ООНдун Уставын өтибарга албоо болуп саналат. Вьетнамга чет өлкөлүк аскерлик персоналды киргизүүгө ж-а курал-жарак ташып кирүүгө тыюу салган Женева келишимдерин АКШ 1955-ж. январда бузуп, Түш. Вьетнамга аскер советниктерин, адистерин жиберип, Сайгондогу режимге жардам көрсөтүүгө киришкен. 1961-ж. түш. вьетнамдык патриотторго каршы согуш аракеттерине жетекчилик кылуу үчүн Сайгондо амер. аскер штабы түзүлүп, 1962-ж. аскер командованиесине айландырылган. Сайгондогу режимди сактап калууга ж-а Түш. Вьетнамды өз контролдугу астында тутууга аракеттенип, АКШ 1964-ж. жайында ВДРге каршы согуш аракеттерин баштоого даярданды. 1964-ж. августта АКШнын флоту ж-а авиациясы согуш жарыялабастан ВДРдин жээктериндеги бир катар объектилерди бомбалап, аткылаган.

Агрессия ВДРдин бейкут турмушуна бүлүк салды. Кыска мөөнөттө жүз миңдеген уландар ж-а кыздар Вьетнамдын эмгекчилер партиясынын чакырыгы б-ча армияга, элдик милицияга, жол ремонттоо бригадаларына ыктыярлары м-н киришти. Эл чарбасы согуштун таламына ылайык кайра курулду. Сов. Союзунун ж-а соц. өлкөлөрдүн жардамы м-н өлкөнүн аба чабуулунан коргонуу күчтөрү чыңдалды. Сайгондук армиянын 1964—65-ж. үстөкө-бостон жеңилип турушу, АКШны согуш операцияларын өзү жүргүзүүгө алып келди. 1965-ж. 8-мартта Түш. Вьетнамга амер. деңиз жөө аскерлеринин алгачкы бөлүктөрү түшүрүлүп, апрелде АКШнын кургактагы аскерлеринин командованиеси түзүлгөн. 1965-ж. АКШ агрессиялык блоктор б-ча союздаштары: Түш. Кореяны, Таиландды, Филиппинди, Австралияны, Жаңы Зеландияны, Түш. Вьетнамдын патриотторуна каршы аскер жиберүүгө макулдаткан. Күчтүн теңдешсиз экенине карабастан Түш. Вьетнамдын патриоттору душмандын чабуулун токтотуп, улам жаңы зоналарды алардан бошотуу м-н агрессорду коргонууга өтүүгө аргасыз кылды. 1966—68-ж. Түш. Вьетнамдын Улуттук-бошт. фронтунун (УБФ) куралдуу күчтөрү бир кыйла жеңиштерге ээ болду. УБФ Түш. Вьетнамдын бошотулган р-ндорунда агрардык кайра курууларды жүргүзүп, жерг. органдарга шайлоо өткөрдү. Бүткүл дүйнөдө, күрөшүп жаткан вьетнам эли м-н тилектештик кыймылы күчөдү. Вьетнам элинин баатырдык күрөшү, Сов. Союзунун ж-а соц. башка өлкөлөрдүн Вьетнам элине материалдык-моралдык жардамы, бүткүл дүйн. коомчулуктун колдоосу 1973-ж. январда А. В. к. а-н токтотууга алып келди. Вьетнамда тынчтыкты калыбына келтирүү ж-да Париж келишимдерине кол коюлду. Париж келишими б-ча АКШ ж. б. өлкөлөр Вьетнамдын көз каранды эместигин, биримдигин, суверенитетин ж-а территориялык бүтүндүгүн урматтоого, ички иштерине кийлигишпөөгө милдеттеништи. Бирок АКШнын империалисттери сайгондук режимди колдоп, бул келишимди орундатпоого, согушту улантууга, Түш. Вьетнамда амер. неоколониализмди сактоого умтулду. Түш. Вьетнам эли ж-а анын куралдуу күчтөрү ал аракеттерге кыйраткыч сокку уруп, АКШны Түш. Вьетнамдан оз аскерлерин чыгарып кетүүгө аргасыз кылды; 1975-ж. 30-апрелде сайгондук бийлик кулады (к. *Вьетнам Түштүк*. Тарыхый очерки). Вьетнамдыктардын агрессияга каршы күрөшүнө бүткүл совет эли м-н бирге кырг-ндыктар да жардамдашты.

АМЕРИКА-ПАНАМА КЕЛИШИМДЕРИ (1903, 1936, 1955) — АКШ империалисттери Панамага зордук м-н таңуулаган адилетсиз келишимдер. 1903-ж. Вашингтон договору б-ча, Панама кенд. 16,1 *км* келген каналдын терр-ясын АКШга түбөлүккө берүүгө аргасыз болуп, АКШ бул жерде оз армиясын карман турууга укук алган. Компенсация катарында АКШ Панамага 1904-ж. 10 млн. доллар төлөгөн, 1912-жылдан баштап жылына 250 миң доллар төлөп турган. 1936-ж. 2-мартта Вашингтондо кол коюлган жаңы келишимде 1903-ж. келишим кайра каралып, АКШнын Панаманы кемсинткен кээ бир жоболору озгөртүлүп ж-а алынып салынган. 1955-жылкы договор б-ча (Панамада 25-январда кол коюлган), АКШ Панаманын кээ бир жерлерин кайра берүүсү ж-а аренда акысын 1930 миң долларга жогорулатуу каралган. 1967-ж. Панама м-н АКШнын ортосунда 3 келишим түзүлүп, анда 1903, 1936, 1955-ж. А.-П. к-н алмаштыруу каралган. Бирок бул келишимдер негизги маселени (Панама каналын Панамага кайра берүүнү) чечпегендеп кийин, ага каршы кыймыл башталып, келишимдерге кол коюу ж-а ратификациялоо белгисиз убакытка чейин токтотулган. Азыркы Панама өкмөтү каналды кайрып алуу ж-дө көрөш жүргүзүүдө.

АМЕРИКА-ТУРЦИЯ КЕЛИШИМДЕРИ (1947, 1948, 1949, 1955, 1959) АКШнын Турциядагы позицияларын чыңдоого багытталган. Турцияга согуштук жардам көрсөтүү ж-дө 1947-ж. 12-июлдагы келишим Анкарада мөөнөтү көрсөтүлбөстөн түзүлгөн; турциялык куралдуу күчтөргө контролдук кылуу үчүн АКШга укук берген. Экономикалык кызматташуу ж-дө келишим 1948-ж. Анкарада 1953-жылдын 30-июнуна чейинки мөөнөткө түзүлгөн. Өлкөнүн ресурстарын пайдалануу ж-а соода жагынан амер. монополияларга олуттуу артыкчылыктарды берип, Турциянын экономикасына амер. контролдукту күчөткөн. Маданий кызматташтык ж-дө 1949-жылдагы келишим Анкарада 27-декабрда түзүлгөн, анда турциялык студенттерди АКШнын окуу жайларында окутуу каралган. Атом энергиясын пайдалануу маселеси 6-ча 1955-жылдагы келишим 4-майда Вашингтондо 10 жылдык мөөнөткө түзүлгөн. Турцияда атом реакторлорун куруу, ага атомдук шилдөөлөр 6-ча амер. ад-ттарды берүү каралган, Согуш келишимине 1959-ж. 5-мартта Анкарада кол коюлган. Анда согуштук-стратегиялык биргелешкен чараларды ишке ашыруу, амер. куралдуу күчтөрдү Турциянын терр-ясына киирүү ж-а пайдалануу каралган.

АМЕРИКА-ЯПОНИЯ ДОГОВОРЛОРУ ЖАНА КЕЛИШИМДЕРИ (1951, 1952, 1953, 1954, 1960). Кооспсуздук келишими — 1951—54-ж. АКШ м-н Японияның ортосунда түзүлгөн тең укуксуз келишимдердин негизинен. 8-сентябрда Сан-Францискодо кол коюлган. Келишим б-ча, АКШ куралдуу күчтөрүн Япония м-н кеңешпей туруп эле оз ыктыяры м-н Ы. Чыгыштын каалаган р-ндорунда ар түрдүү операцияларда пайдалана алмак. Келишим негизинен СССРге ж-а Азиянын тынчтыкты сүйгөн өлкөлөрүнө каршы коюлган. Бул келишим, 1960-ж. 23-июнда жаңы договор күчүнө киргенде, жокторлду. Административдик келишим 1952-ж. 28-февралда Токиодо түзүлгөн. Ал б-ча, Японияның терр-ясындагы бардык согуш (1945—52) базалары, мурунку согуш объектилери АКШнын карамагында калган. Достук, соода жана деңизде сүзүү жөнүндө келишим 1953-ж. 2-апрелде Токиодо түзүлгөн. Ал эки өлкөнүн граждандарына ж-а компанияларына «улуттук режимди» түзүп, амер. капиталдын Японияның экономикасына киришү үчүн шарт түзгөн. Өз ара коргонууну камсыз кылуу-

да жардамдашуу жөнүндөгү келишимге 1954-ж. 8-мартта Токиодо кол коюлган. 1951—54-ж. келишимдер Японияның АКШга көз каранды-лыгын мурдагы бойдон калтырып, согуштук союз түзгөн. Өзара жардамдашуу жана коопсуздук жөнүндөгү келишимге 1960-ж. 19-январда Вашингтондо кол коюлуп, 1960-ж. 23-июнда күчүнө кирген. Келишим б-ча, АКШ куралдуу күчтөрү м-н базаларын Японияда дагы эле карман туруруга укук алды. Бул келишим Японияны амер. согуш-стратегиялык системасына тартуудагы жаңы кадам болгондуктан, дүйнөнүн тынчтыкты сүйүүчү күчтөрү ага каршы күрөшүп жатышат.

АМЕРИЦИЙ (лат. Americim), Am — жасалма жол м-н алынган радиоактивдүү хим. элемент. А. *актиноиддерге* кирет, ат. н. 95, туруктуу изотобу жок. Туруктуурагы ^{243}Am ж-а ^{241}Am. А-ди 1944—45-ж. амер. окумуштуулар Г. Сиборг, Р. Джеймс, Л. Морган, А. Гиорсо плутонийди ^{239}Pu нейтрон нурунун таасири м-н синтездеп алышкан. Алар оз өлкөсүнүн атынан «А.» деп аташкан. А.— күмүш түстүү, жумшак металл, тыгыз. 13670 *кг/м*^{3}, эрүү t 995+4°С, кайноо t 2607°С. Am^{3+} эритмеси туруктуу; 4 валенттүү А-дин 3 катуу бирикмеси (AmO_2, AmF_4, $KAmF_5$) белгилүү; Am^{4+} туруксуз, сууда тез ала Am^{3+} чейин калыбына келет. ^{241}Am м-н бериллий аралашмасы нейтрондорду алууда колдонулат.

АМЕТИСТ — кварцтын (SiO_2) кызгылт көк (фиолет) түстөгү түрү; минерал (к. *Кварц*). Сапаттуу А-тер зергерлик ж-а көркөм кооздоо иштеринде колдонулат.

АМЕТ-ХАН Султан (25. 10. 1920-ж. т.) —эки жолу Сов. Союз. Баатыры (24. 8. 1943; 29. 6. 1945), подполковник. 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. Татар. Аскердик авиация мектебин (1940) бүткөн. 1939-жылдан Сов. Армияда. Ата Мек. согуш мезгилинде катардагы учкучтан 9-истребителдик полкунун командирининн жардамчысына чейин өскөн. Брянск., Түш.-Бат., Сталинград, Түш., 4-Укр. ж-а 3-Белорус фронтторунда согушуп, 603 жолу согуштук учуш жасаган. 150 аба салгылашуусуна катышып, душмандын 30дан ашык самолётун жок кылган. 1946-жылдан запаста; учкуч-сыноочу. 3 Ленин ордени, 5 Кызыл Туу, Александр Невский, Ата Мекендик Согуш, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АМЕБАЛАР (Amoebina) — жөнөкөйлөр тибинин тамыр буттуулар классына кирүүчү түркүм. Микроскоп аркылуу караганда өлчөмү 50 *мкм*, кээ бирлери 2—3 *мм* ге жетет. Денесинин туруктуу калыбы жок. Ылайлуу колмөлөрдө, кээ бири жер кыртышында жашайт. А-дын цитоплазмалык денесинен убактылуу пайда болуучу жалган буттары (псевдоподиялар) м-н жылат ж-а жемин кармайт. Жалган буттары м-н кармалган жемининн айланасына цитоплазмадан жем сиңирүү зили болүнүп, сиңирүү вакуоласы пайда болот. Жем ошол вакуоласынын ичинде эрип, цитоплазмага сиңет. Сиңген жемдин калдыгы ж-а суу жыйрылуу вакуоласы аркылуу сыртка чыгарылат. Жашоого оңтойсуз шарттарда (жемдин жетишсиздиги, суук, көлмөлөрдүн соолушу) А-дын денеси тоголоктолуп, сырты тыгыз кабык (циста) м-н капталат. Оңтойлуу шартта циста жоюлуп, А. мурдагы калыбына келет. А-дын жүзө жакын түрү омурткалуу жаныбарларда мителик кылат. А-дын жеми — бактериялар, балырлар ж-а жөнөкөй жаныбарлар.

АМЕБИАЗ — адамдын жоон ичегисинин ж. б. ички органдарынын дизентерия амебалары аркылуу бузулушунан болуучу дарт. Ал бардык жерде, көбүнчө ысык өлкөлөрдө кездешет. Ооруну дизентерия амебалары м-н сыртқы чөйрөнү булгаган (оорулуу же амебаларды алып жүрүүчү) адам жугузат. А-дын негизги түрү — амеба дизентериясы. Ал дизентерия амебалары м-н булганган жашылча, жемиш, ышылас суу аркылуу жугат. Негизги белгилери: ич катуу буран ооруп, ирең, кан өтөт; жоон ичегиде дизентерия пайда кылган жараттардан кээде кан аркылуу башка органдарга (өпкө, боор, бөйрөк, мээ ж. б.) өткөн амебалар ошол органдарды ириндүү шишиктерге дуушар кылат. Дарылоодо террамицин, тетрациклин, биомицин, синтомицин ж. б. колдонулат. Ооруга чалдыкпонун башкы шарты — тазалыкты сактоо. Тамак-



1 — амёбалардын түрлүү формалары: *А* — узун ичке псевдоподиялуу амёба; *Б* — айчыктуу псевдоподиялуу амёба; *В* — бир жаагы псевдоподиялуу амёба; *2* — амёбанын денесинин түзүлүшүнүн схемасы; *3* — амёбанын азыкты кармоо ж-а тамак сиңирүү вакуолунун пайда болуу схемасы; *4* — *А. Polypodianын* бөлүнүүсү; *5* — мите амёбанын ядросундагы митоз; *6* — дизентерия амёбасынын цистасы. Шарттуу белгилер: я-ядро, кв-кыскаруучу вакуол тсв-тамак сиңирүүчү вакуол. Стрелкалар амёбанын кыймылынын багытын билдирет.

ашты, идиш-аякты чымын конбогудай тазалыкта кармап, жашылчаларды, жемиштерди таза жууп, сууну кайнатылган гана түрдө ичүү керек, к. *Амебалар*.

АМИДОПИРИН, пирамидон — эттин ысыганын төмөндөтчү, ооруган жерди басаңдатчу ж-а сезгенүүгө каршы таасир этчү дары. Оорулуу адамга таблетка, күкүм, кээде эритме түрүндө берилет. Чоң кишилер үчүн суткасына 1,5 г дан ашырбоо керек. А. *баш ооруганда, невралгия, артрит* ооруларына, *кызыл жүгүрүккө*, анын *хореясына* каршы колдонулат.

АМИЛ СПИРТТЕРИ, $C_5H_{11}OH$ — алифатикалык каныккан бир атомдуу спирттер. Орг. эритмелерде жакшы эрип, минералдык ж-а өсүмдүк майлары м-н бардык көлөмдө аралашат. А. с-нын 8 изомери белгилүү. Алардын ичинен изоамил спиртинин $(CH_3)_2CHCH_2CH_2OH$ мааниси чоң. Изоамил спирти — жагымсыз жыты бар, түссүз, сууда начар эрүүчү суюктук, кайноо t=132,1°C. Анын буусу дем алуу жолдорун дүүлүктүрүп, жөтөлтөт, ал сивуха майын буулантуудан алынат. А. с. сыр, боёк эритүүдө ж-а парфюмерия ө. ж-да керектелүүчү эфирлерди, жемиш эссенцияларын алууда колдонулат.

АМИЛАЦЕТАТ ЖАНА ИЗОАМИЛАЦЕТАТ — уксус к-тасынын амил ж-а изоамил эфирлери. Амилацетат $CH_3COO(CH_2)_4CH_3$ — түссүз суюктук, кайноо t 149,2°C. Изоамилацетат $CH_3COO(CH_2)_2CH(CH_3)_2$, кайноо t 142°C. Алар сууда начар эрип, орг. эриткичтер м-н жакшы аралашат. Өндүрүштө концентрацияланган күкүрт к-тасынын катышуусунда уксус к-тасы м-н амил ж-а изоамил спирттерин кайнатуудан алынат. А. ж-а и. «алмурут эссенциясы» деп аталып, тамак-аш ө. ж-да, техникада нитроцеллюлозалар үчүн эриткич катарында колдонулат.

АМИЛОЗА (гр. ámylon — крахмал) — крахмалдын эң негизги полисахариддеринин бири. Сууда жакшы эрийт, йоддун эритмеси м-н көк түс пайда кылат. А. картошка, жүгөрү, буудай, күрүч ж-а алма крахмалдарында көп болот.

АМИЛОПЛАСТТАР — өсүмдүктөрдүн клеткаларындагы крахмал пайда кылуучу түссүз *пластидалар*; лейкопласттардын бир түрү. А. көбүнчө *тамыр, тамыр сабак, тамыр азык* клеткаларында болот. Буларда жалбырактан агып келген канттан запас крахмал түзүлөт.

АМИМИЯ (*а...* ж-а mimos — тууроо, актёр) — борбордук ж-а четки нерв системаларынын кээ бир ооруларынан кийин бет булчуңдарынын ымдоо кыймылынын начарлашы же такыр жоголушу.

АМИНАЗИН, ларгактил, плегомазин — нейроплегиялык дары-дармектер тобундагы препарат; ак кристалл түрүндөгү күкүм. Сууда, спиртте ж-а хлороформдо жакшы эрийт. А-ди СССРде биринчи ачкандар — М. Н. Шукин м-н Н. В. Савицкий. Борб. ж. б. нерв системаларын жеңге салууда А. жагымдуу таасир берет. Ар түрлүү кан тамыр системаларынын көпчүлүгүн кеңейткендиктен, кандын басымын ылдыйлатат. А. таблетка (0,025 г) ж-а суюктук (2—25%) түрүндө ампулада чыгарылат.

АМИНДЕР — аммиактагы NH_3 суутектин бир, эки же үч атомунун орг. радикалдар (R) м-н орун алмашуусунан пайда болгон бирикмелер. Суутектин орун алмашкан атомдорунун санына жараша биринчилик RNH_2, экинчилик R_2NH ж-а үчүнчүлүк R_3N А-ге бөлүнөт (мында $R - CH_3$, C_2H_5, C_6H_{11}, C_6H_5 ж. б.). А. радикалдардын түзүлүшү б-ча алифатикалык (метиламин CH_3NH_2), алициклдүү (циклогексиламин $C_6H_{11}NH_2$), ароматтык (фениламин же анилин $C_6H_5NH_2$) ж-а гетероциклдүү [2-аминопиридин $C_5H_4N(NH_2)$] болуп айырмаланат. Молекуладагы амин топтордун санына жараша моно-, ди-, три- ж-а полиаминдер деп аталат. Жөнөкөй А.— аммиак жыттуу газ, жогорку А.— суюктук ж-а катуу зат. А. негиздик касиетке ээ, кислоталар м-н туздарды пайда кылат. Алифатикалык А.— ө. ж-да аммиакты алкилдөөдөн, ароматтык А. нитробирикмелерди калыбына келтирүүдөн алынат. Аны А. Н. *Зинин* 1842-ж. 1-жолу синтездеген. А. ө. ж-да боёкторду, дары-дармек заттарды, капрон, найлон буласы алынуучу полиамиддерди өндүрүүдө кеңири колдонулат.

АМИНДӨӨ — амин топторун (NH_2) ар түрлүү орг. бирикмелердеги суутектин атому м-н орун алмаштыруу реакциясы.

АМИНОКИСЛОТАЛАР — молекуласында карбоксил (COOH) тобунан башка амин (NH_2) топтору бар орг. бирикмелер. Ал топтордун жайланышына жараша α-, β-, γ- А-га бөлүнөт. Белоктордун молекулалары А-дан тургандыктан, тирүү организм үчүн мааниси өтө чоң. Бардык белок заттар гидролиздегенде, эркин А-га чейин бөлүнөт. Белокторду гидролиздөөдөн 20дан ашык α-А. алынган. Алар жог. темп-рада (220—315°C) эрий турган түссүз кристаллдык заттар, сууда жакшы эрип, көпчүлүк орг. эриткичтерде эрибейт. А. бир NH_2 ж-а бир COOH тобун кармап турса, моноамин карбон к-талары, мис., NH_2CH_2COOH (глицин), эгерде эки NH_2 ж-а бир COOH тобу болсо, диамин карбон к-талар $NH_2CH_2(CH_2)_3CH(NH_2)COOH$ (лизин), ал эми бир NH_2, эки COOH тобу бар кислоталар моноамин дикарбон к-талар деп аталат, мис., $HOOCCH_2CH(NH_2)COOH$ (аспарагин). А. амфотердик касиетке ээ. Көпчүлүк өсүмдүктөр ж-а бактериялар өздөрүнө керектүү А-ды орг. эмес заттардан алат, жаныбарлар болсо азотсуз азык-түлүктөр м-н организмдеги азоттун алмашуусунан синтездеп алат. Бирок төмөнкү А.: валин, изолейцин, триптофан, фенилаланин, лейцин, лизин, метионин, треонин адамдар м-н жаныбарлардын организминде синтезделбестен, тамак-аш аркылуу гана кирет. А. галогендүү карбон к-таларга аммиакты таасир кылуу, кетон же альдегид к-таларды калыбына келтирүү ж. б. жолдор м-н синтезделип алынат. А. медицинада дары-дармек заттар катарында, тамак-аш ө. ж-да, кээ бирлери пластмассаларды ж-а синтет. булаларды алууда, мал чарбасында ж-а ветеринарияда, малды тоюттандырууда колдонулат.

АМИНОПЛАСТТАР — карбамид чайырларынан алынган пластмассалар. А., көп учурда карбамид, меламин ж. б. бирикмелер формальдегид м-н поликонденсациялашканда, алынат. Ал — физиол. жактан зыянсыз, бардык түстө боёлуучу жытсыз полимерлер. Алар начар кислоталар, жегичтер, спирттер, бензин, ацетон, хлороформ ж. б. орг. бирикмелерге туруктуу. Меламин-формальдегид чайырынан алынган буюмдар карбамид-формальдегид чайырынан алынган буюмдардан жылуулукка ж-а сууга чыдамдуулугу м-н айырмаланат. А. ө. ж-ларда порошок, катмарлашкан пластиктер же майда тешиктүү материалдар түрүндө чыгарылат. А-дан тех. тетиктер, мебелдер, сууга чыдамдуу кагаздар, электр ж-а радиотоварлары, ысыкка чыдамдуу идиш-аяктар жасалат.

АМИНОСПИРТТЕР, аминоалкоголдор — молекулада көмүртектин ар башка атомдору м-н байланышкан NH_2 ж-а OH топтору бар орг. бирикмелер. А.— жог. темп-рада кайноочу негиздик касиетке ээ болгон май сыяктуу суюктуктар. А. аммиакты ж-а аминдерди олефиндердин кычкылына таасир кылуудан, нитроспирттердин нитротопторун калыбына келтирүүдөн ж. б. жолдор м-н алынат. Боор оорусун дарылоочу препарат холин, негизги гормондордун бири адреналин ж-а кээ бир *алкалоиддер* (эфедрин, кокаин) А-ге кирет. Холин организмде зат алмашууга чоң жардам берет. А. айрыкча этаноламин, жуугуч заттарды, косметикалык ж-а дары-дармек препараттарды даярдоодо кеңири колдонулат.

АМИНОФЕНОЛДОР, $C_6H_4(NH_2)OH$ — кристалл түрүндөгү орг. бирикмелер. А-дун 3 изомери бар: орто 174°C, мета 123°C, пара 186°Cде эрийт. Алар амфотердүү касиетке ээ, кислоталар ж-а жегичтер м-н туздарды пайда кылат. А. нитро же нитрозофенолдорду калыбына келтирүүдөн алынат: $C_6H_4(NO_2)OH + 6H \rightarrow C_6H_4(NH_2)OH + 2H_2O$. А. фотографияда колдонулат.

АМИРАБАД МАДАНИЯТЫ — Байыркы Хорезмдин терр-ясындагы кийинки коло доорунун (б. з. ч. 9—8-к.) археол. мад-ты. Амирабад каналынын аймагындагы эски жұрттарды 1937—40-ж. казуу убагында табылган нерселердин негизинде сов. окумуштуу

С. П. Толстов аны өзүнчө мад-т деп бөлгөн. А. мад-тынын калкы уруу общиналары болуп жашаган, сугат дыйканчылыгы, мал чарбасы м-н кесип кылган. Жылмаланган карапа ж. б. идиштерди жасашкан.

АМИРАНИ («Күн баласы») — грузин элинин «Амираниани» аттуу эң байыркы эпосунун каарманы. А. адамдарды мифтик дөөлөрдүн туткунунан бошотуп, от жакканды, темирден курал, буюм жасаганды үйрөтөт, кудайлар м-н жекеме-жеке күрөшкө чыгат. Кудай аны катуу жазалап, Кавказ тоолорунун бир аскасына матап салат. Бул миф Грузияда, б. з. ч. 5—4-к-да эле болгондугун байыркы грек жазуучуларынын чыгармалары айкындайт. А. ж-дөгү уламыш кийин Байыркы Грецияга тарап, Прометей тууралуу мифке кошулуп кеткен. Азыркы күндө эпостун 120дай варианты белгилүү.

Текст: Амирани (грузинская мифологич. поэма), пер. с груз., Тб., 1946.

АМИР-ТЕМИР — Мустьер доорундагы адамдар жашаган өтө терең үңкүр. Ал Түш. Өзб-ндагы Турган-Дарыянын боюнда жайгашкан. Мында Мустьер мергенчилери убактылуу турушкан. 1—1,5 м тереңдиктен очок ж-а таштан жасалган ар кандай эмгек куралдары, тоо текенин сөөктөрү табылган. А.-Т. үңкүрүнүн жог. катмары неолит мезгилине тийиштүү.

АМИТОЗ, ядронун түз бөлүнүшү — клеткалык ядронун бөлүнүштөрүнүн бир түрү. А-до митоздогудай ядро чели ж-а ядрочолор бузулбай, хромосомалар калыптанбай, адегенде ядрочо, андан кийин ядро созулуп келип экиге бөлүнөт. Ядро дайым эле тең бөлүнбөгөндүктөн, пайда болгон ядролор чоңдугу жагынан айырмаланышы мүмкүн. А. кезинде клетка өзүнүн функциясын аткара берет. А-дун көпчүлүгүндө ядро гана бөлүнүп, клетка эки ядролуу болуп калат. Бул ядролордо А. кайталанса, клетка көп ядролуу болот. А-дун натыйжасында пайда болгон эки же көп ядролуу клеткалар бир ядролуу диплоиддик клеткалардан ирилиги, органоиддеринин жалпылыгы, хромосомаларынын санынын көптүгү ж-а синтездөө процессинин интенсивдүүлүгү м-н айырмаланат. А. көбүнчө митоздук активдүүлүгү начарлаган ткандарда учурайт. Организм карыган сайын анда А. жолу м-н пайда болгон эки ядролуу клеткалардын саны көбөйөт.

АММАН — Иорданиянын борбор шаары. Өлкөнүн түн.-батышында Зерка д-нын боюнда жайгашкан. Калкы 600 миң (1972). Т. ж. станциясы, шоссе жолдор тоому, эл аралык маанидеги аэропорт. Нефть иштетүү, цемент, тамеки, тамак-аш, кездеме токуу ж. б. ө. ж-лары, ун-т ж-а эки музейи (археол., ислам) бар. Байыркы убакта — Раббат-Аммон, грек-римдиктердин доорунда Филадельфия деп аталган.

АММИАК, NH_3 — азот м-н суутектин эң жөнөкөй хим. бирикмеси. А. тумчуктургуч кескин жыты бар, даамы ачуу, түссүз газ, кайноо t — 33,35°C, эрүү t — 77,70°C. А-тын кургак аралашмасы аба м-н кошулганда, жарылуу пайда болот. Сууда жакшы эрийт. А. биригүү, орун алмашуу реакциясына жакшы киргендиктен, молекуласына протон кошулганда, аммонийдин иону (NH_4^+) алынат. Мындай реакциялар, А. сууда эригенде же кислоталар м-н өз ара аракеттенишкенде, аммонийдин суу кычкылын NH_4OH пайда кылат. Жегич ж-а жегич жер металлдар суюк ж-а газ түрүндөгү А. м-н реакцияга кирип, нитриддерди (Na_3N) же амиддерди ($NaNH_2$) пайда кылат. А. кадимки шартта туруктуу, бирок тутандырса, атмосф. кычкылтегинде суу ж-а азоттун молекуласын пайда кылып күйөт. Лаборат. шарттарда А-ты аммоний туздарынан күчтүү жегичтердин жардамы м-н сүрүп чыгарууга болот: $2NH_4Cl + Ca(OH)_2 = 2NH_3 + CaCl_2 + 2H_2O$. Мурунку убакта көмүрдү кокстоодо чыккан газдардан бөлүп алышкан. Азыр азот м-н суутектен синтездөө жолу аркылуу алынат. А-ты синтездөөдө алгачкы сырьё катары жаратылыш ж-а нефть газдары, ацетиленди алуудагы калдык газдар колдонулат. А. азот к-тасын, азоту бар туздарды, мочевинаны, синил к-тасын алууда пайдаланылат. Суюк А. ж-а анын суудагы эритмелери суюк жер семирткичтер катары суперфосфатты ж-а тук аралашмаларын аммонийлештирүү үчүн колдонулат.

АММИАК СЕЛИТРАСЫ, к. *Аммоний нитраты.*

АММИАК СУУСУ, к. *Суюк жер семирткичтер.*

АММИАКАТТАР — аммиактын башка заттар м-н биригишинен түзүлгөн комплекстүү бирикмелер. Мис., аммиак NH_3 хлордуу жездин $CuCl_2$ суудагы эритмесине таасир тийгизсе, А. $[Cu(NH_3)_4]Cl_2$ пайда болот. Мочевина, аммиак селитрасы ж. б. азот жер семирткичтеринин суудагы эритмелери аммиакка каныктырылып, суюк азот жер семирткичтери алынат. Бул А.— түссүз, өткүр жыттуу, саргыч суюктук, мында 35—45% азот бар.

АММИАН МАРЦЕЛЛИН (330—400-жылга жакын) — римдик тарыхчы. Тациттин «Анналдары» м-н «Тарыхынын» уландысы катары жазылган «Аракеттер» аттуу чыг-нын (31 китеп) автору. Бул эмгек имп. Нерванын (96—98) башкаруусунан 378-жылга чейинки окуяларды кучагына алат (бизге чейин жеткен 14—31-китептеринде 353—378-жылга чейинки окуялар баяндалат). Согуштар, сарайдагылардын арамзалыктары, атаандашын бийлик үчүн күрөшүү Марцеллинин көңүлүнүн борборунда болгон. «Аракетте» 4-к-дагы Рим империясынын ж-а социалдык кыймылдардын төмөндөшү ачык-айкын көрсөтүлгөн. Түш.-чыг. ж-а Борб. Европанын уруулары ж-дө баалуу маалыматтар бар.

АММОНАЛДАР — аммоний нитраты бар жарылгыч заттарга кирүүчү аралашма, к. *Аммониттер.*

АММОНИЙ, NH_4^+ — азот ж-а суутек атомдорунан турган ион. Эркин абалында кезикпейт, бөлүүгө аракет кылганда эле, аммиак м-н суутекке ажырайт. А. бирикмелеринде бир валенттүү металлдардын касиетине ээ болуп, эл чарбасында кеңири колдонулуучу туздарды ж-а аммоний суу кычкылын пайда кылат. А. туздарынын көпчүлүгү — сууда жакшы эрүүчү түссүз кристаллдар; ысытууда NH_3 бөлүнүп чыгып, оңой ажырайт. А. бирикмелеринин суудагы эритмеси диссоциацияланганда, А. катион түрүндө кездешет: $NH_4Cl \rightarrow NH_4^+ + Cl^-$.

АММОНИЙ КАРБОНАТЫ $(NH_4)_2CO_3$ — көмүр к-тасынын аммоний тузу. Сууда жакшы эрүүчү түссүз кристаллдар, абада, эритмеде абдан туруксуз, аммиак бөлүп чыгарып, *бикарбонатка* (NH_4HCO_3) айланат. А. к. техникада, кездеме боёодо, медицинада, тамак-аш ө. ж-да колдонулат.

АММОНИЙ НИТРАТЫ, аммиак селитрасы, NH_4NO_3 — азот к-тасынын аммоний тузу. Түссүз, ным тарткыч кристаллдар, сууда жакшы эрийт, күчтүү кычкылданткыч; эрүү t 169—170°C, андан жог. темп-рада ажырай баштайт. 300°Cден жог. темп-рада жарылат. А. н. суюлтулган азот к-тасына аммиак кошуу аркылуу алынат. СССРде анын А, Б, В маркалары чыгарылат. А. н. жер семирткич катары ж-а жарылгыч заттарды алууда колдонулат. к. *Азот жер семирткичтери.*

АММОНИЙ ПЕРСУЛЬФАТЫ, $(NH_4)_2S_2O_8$ — сууда жакшы эрүүчү түссүз кристалл. Кургак, таза А. п. туруктуу, нымдалганда, кычкылтекти бөлүп чыгаруу м-н ажырайт. Ө. ж-да аммоний сульфатынын каныккан эритмесин кычкылдандыруудан алат. Аны агарткыч зат катарында, аналит. химияда, орг. заттарды кычкылдантууда, дезинфекция ж-а фотография иштеринде колдонот.

АММОНИЙ СУЛЬФАТЫ, $(NH_4)_2SO_4$ — күкүрт к-тасынын аммоний тузу. Түссүз кристалл, 357°Cге чейин ысытканда, аммиак бөлүнүп чыгуу м-н кычкыл А. с. пайда болот. Ал 490°Cде кайнайт, сууда жакшы эрийт. А. с-нын аммиак суусунда эригичтик касиети суюк жер семирткичтерди даярдоодо пайдаланылат. Өндүрүштө А. с. күкүрт к-тасына аммиакты таасир кылуудан алынып, жер семирткич катарында колдонулат.

АММОНИЙ ФОСФАТТАРЫ — фосфор (ортофосфор) к-тасынын (H_3PO_4) аммоний туздары. Моно-, ди-, триаммоний фосфаттары белгилүү. Моноаммоний фосфат $NH_4H_2PO_4$ — туруктуу, түссүз кристалл, эрүү t 190°C, ным тартпайт, сууда жакшы эрийт. Диаммоний фосфат $(NH_4)_2HPO_4$ моноаммоний фосфатка караганда туруксузураак; триаммоний фосфат

$(NH_4)_3PO_4$ туруксуз. А. ф. фосфор к-тасына аммиак кошуу аркылуу алынат. А. ф. кобүнчө $NH_4H_2PO_4$ түрүндө аммофос деп аталып, минералдык жер семирткичтер катары колдонулат.

АММОНИЙ ХЛОРИДИ, хлордуу аммоний, нашатырь NH_4Cl — түссүз кристалл, 338°Сге чейин ысытканда, аммиак м-н хлордуу суутекке ажырайт. А. х. сууда, суюк аммиакта жакшы эрийт. Гальваникалык элементтерди өндүрүүдө, металлдарды чайкоо, данакерлөө ишинде, медицинада колдонулат.

АММОНИЙЛЕШТИРИЛГЕН СУПЕРФОСФАТ ($CaHPO_4+NH_4H_2PO_4$) — составында фосфор ж-а азот заттары бар минералдык татаал жер семирткич. Жөнөкөй суперфосфатты суусуз аммиактын эритмесине, аммиакка же аммиакаттарга каныктыруу жолу м-н алынат. А. с-тын составында 14% фосфор, 2,5% азот болот. СССРде А. с. Кокон, Самаркан ж-а Жамбыл суперфосфат з-дорунан чыгарылат. Аны кургак жерде сактоо керек. Суууда жакшы эрийт. Аралаш ж-а татаал жер семирткичтерди түзүү үчүн жакшы компонент боло алат. Кырг-нда жер семиртүү үчүн негизинен Жамбыл суперфосфат з-дунун А. с-ы колдонулат. Кырг-н дыйканчылык ил. из. ин-тунун сугат жерде жүргүзгөн көп жылдык тажрыйбасы башка фосфор жер семирткичтерине караганда А. с-ты пайдаланганда, кызылча, пахта, жүгөрү, картошка ж. б. тех. өсүмдүктөрдөн мол түшүм алынаарын көрсөттү.

АММОНИТТЕР — аммоний нитратынын жакшы жарылуучу аралашмасы. А. составы б-ча төмөнкү топторго бөлүнөт: а) аммоналдар — майдаланган алюминий ж-а тротил кошулган жарылгыч аралашма; б) динамондор — аммоний нитратынын күйүүчү заттар м-н аралашмасы; в) динамиттер — аммонийдин нитратынын нитроглицерин жө нитроэфирлер м-н болгон аралашмасы. Башка жарылгыч заттарга караганда мех. таасирлерге чыдамдуу, хим. жактан туруктуу болгондуктан, А-ди чыгаруу, сактоо ж-а колдонуу анча коркунучтуу эмес. А. бат ныымданат, сактаганда жабышып, катып калат да, жарылгыч касиетин жоготот. А. жаруу иштеринде (мина-ларды, бомбаларды, снаряддарды ж. б.), аскердик-инж. иштерде колдонулат.

АММОНИТТЕР (Ammonoidea) — башбуттуу үлүлдөр классындагы тукум курут болгон омурткасыз жаныбарлардын чоң түркүмү. А. девон ж-а бор мезгилдеринде жер шарынын бардык деңиздеринде жашаган. Раковинасынын диам. 2 *м* ге чейин жетип, ар түрдүү формада болуп, ичи тосмолору бар көп сандаган камералардан турат. А-дин көпчүлүгү деңиздерде кеңири таралган жырткыч жаныбар болуп, кээси сүзүп, айрымдары сойлоп жүрүшкөн. А-дин 1500 уруусу ж-а түрү болгон. Кырг-нда чөкмө тоо тек катмарларынан табылган. Геол. изилдөөлөрдө тоо тектердин жашын тактоо үчүн А-дин практикалык маанисн бар.

АММОНИФИКАЦИЯ (*аммоний* ж-а лат. facio — жасаймын) — аммиак болуп чыгаруучу орг. азоттуу заттардын ажыроо процесси. А. процессинде топурактын орг. бирикмелериндеги азот жеңил сиңирилүүчү түргө айланып, өсүмдүктөрдүн азыктанышына ыңгайлуу шарт түзүлөт. Жерде пайда болгон аммоний пондорун өсүмдүктөр оңой сиңирип, айрымдары коллоид бойдон калат да, кыртышты шор басуудан сактайт.

АММОСОВ Максим Кирович [11(23). 10. 1897—28. 7. 1938] — сов. партиялык ж-а мамл. ишмер. Якутияда Совет бийлигин орнотууга активдүү катышкан. 1917-жылдан Компартиянын мүчөсү. Якутияда бугу багардын үй-бүлөсүндө туулган. 1916-жылдан ревлчыл ишке аралашкан. 1918-жылдан Якутия советинин секретары, андан кийин Сибирде подпольелик иште, 1920-ж. ак гвардиячылар талкалангандан кийин, Якутияда Совет бийлигинин органдарын уюштуруу б-ча уполномочен болуп иштеген. 1921-ж. ревкомдун пред-ли, 1922-жылдан РКП(б) нин Якутия обл. бюросунун секретары. 1923-жылдан Москвадагы Якутия өкүлдүгүнүн пред-ли. 1925—28-ж. Якутия АССР Эл Комиссарлар Советинин ж-а БАКтын Пред-ли, 1928—30-ж. ВКП(б) Бат. Каз-н обкомунун секретары, 1934-жылдан ВКП(б) Караганда обкомунун биринчи секретары, 1936-жылдан Түн. Каз-н, андан кийин Кыргыз обкомунун биринчи секретары. 1937-жылдын мартынан Кырг-н КП(б) БКнын биринчи секретары. Партиянын 11, 13, 16 ж-а 17-съезддеринин делегаты. СССР БАКтын мүчөлүгүнө шайланган.

АММОФОС, к. *Комплекстүү жер семирткичтер.*

АМНИСТИЯ (гр. amnestia) — кылмышкерлердин жазадан толук же жарым-жартылай бошотулушу же аларга сот белгилеген жазанын жеңилдетилиши. А. берүү укугу биздин өлкөдө Сов. Соц. Респ-калар Союзунун ж-а союздук респ-калардын жог. бийлик органдарына гана тиешелүү. А. ж-дөгү акт А. чыгарылганга чейин жасалган кылмыштарга гана ж-а ошол актыда көрсөтүлгөн кылмыш категорияларына гана колдонулат. А. ж-дөгү жалпы союздук актыларды кабыл алуу СССРдин жог. бийлик органынын компетенциясына кирет. Союздук респ-калардын Жог. Советтери өз респ-касынын сот органдары тарабынан соттолгон граждандарга А. берүү укугунан пайдаланат.

АМОРАЛИЗМ (*a...* ж-а лат. moralis — адептүү) — коомдун моралдык негиздерин ж-а жүрүш-туруштун жалпы кабыл алынган нормаларын танган практикалык ж-а идеялык багыттын принциби; адептүүлүк нормаларына ж-а принциптерине пигилистче мамиле кылуу. Практикада А. адеп тарбиясынын өксүк болушунан келип чыгышы мүмкүн. А-ди буржуазиянын апологеттери жакташат. Коомдун бардык мүчөсүн адептүүлүккө тарбиялоо коммунисттик моралдын негизги милдеттеринен болуп саналат.

АМОРТИЗАТОР — курулуштун ж-а машинанын конструкцияларындагы титиреөдөн сактоочу ж-а термелүүнү басандатуучу түзүлүш. А. урунуучу болук м-н урунуудан сактануучу болуктун (транспортто деңгелоктун огу м-н корпусунун) ортосуна орнотулат. А-дун конструкциясы катуу перселердин (рессор, торсион, резина), суюктуктардын (гидравликалык пружина) ж-а кысылган абанын (пневматикалык пружина) серпилгичтик касиеттерине негизделип, техниканын көп тармагында (учуучу аппараттарда, автомобилдерде, т. ж. транспортторунда, металл кесүүчү станоктордо ж. б.) кеңири колдонулат.

АМОРТИЗАЦИЯ (**негизги фондуларды**) — өндүрүш процессинде эскирген негизги фондулардын наркын кайтарып, аларды кайра калыбына келтирүү максатында өндүрүлгөн продуктуга белгилүү өлчөмдө чегерип туруу. Негизги фондулардын ордун толуктоо, капиталдык курулуш куруу, капиталдык ремонт аркылуу жүргүзүлөт. А. негизги фондулардын эскиришинен келип чыгат. Негизги фондулар иштетилүүдөн ж-а моралдык жактан эскирет. Кээ бир учурда жаңы ж-а жакшыртылган, өндүрүмдүүлүгү бир кыйла жогору, үнөмдүү негизги фондулардын пайда болушунун негизинде мурдагылары өзүнүн керектөө наркынын белгилүү бөлүгүн жоготот. Бул фондулардын моралдык эскириши деп аталат. Негизги фондулардын иштетилүүдөн эскириши — негизги фондулардын алгачкы тех. эксплуатациялык сапатынын (конструкциялык элементтеринин, белгилүү таппшрманы ж-а тех. функциясын аткаруусунун ж. б.) төмөндөшү. Негизги фондулардын орду А-лык чегерүү аркылуу толтурулат. Алар негизги фондулардын наркынын белүктөрү болуп, өндүрүлгөн продукцияга чегерилип турат ж-а негизги фондулардын эскирген үлүшүнө барабар келип, акчалай көрсөтүлөт. А-лык чегерүү көлөмү ал чарбасынын ар бир тармагында ж-а негизги фондулардын түрлөрү б-ча А-лык нормага жараша ар түрдүү болот. А-лык чегерүү негизги фондулардын алгачкы наркынан орточо процент м-н алар толук эскирип, иштебей калганга чейин А-лык фондуга чегерилип турат.

АМОРФТУК АБАЛ (гр. amorphos — формасыз) — заттын төмөнкү эки өзгөчөлүккө ээ болгон катуу абалы: 1) аның каснеттери (жылуулук, электрдик ж. б.) заттагы багыттарга байланыштуу эмес (изотропия); 2) темп-ра жогорулаганда, зат жумшарат да, бара-бара суюк абалга өтүп, белгилүү эрүү темп-расы болбойт. Бул өзгөчөлүктөр А. а-дагы заттарда алыскы тартиптин жоктугунан, жакынкы тартиптин бар болушунан келип чыгат. Кристаллдык кварцты эритип, ылдам муздатсак, аморфтуу кварц айнеги пайда болот. Көпчүлүк силикаттарды муздатканда да, кадимки айнек алынат. Ошондуктан А. а-дагы заттарды айнек сымал деп да аташат. Жаратылышта кристаллдык абалга караганда, А. а-дагы заттар аз таралган. Янтарь, табигый мом, битумдар ж-а ири молекулалуу бирикмелер же полимерлер А. а-да болот.

Лит.: Кобеко П. П., Аморфные вещества, М.— Л., 1952.

АМОРФТУК ТИЛДЕР, к. *Обочолонтуучу тилдер.*

АМОСОВ Николай Михайлович (6. 12. 1913-ж. т.) — сов. хирург, Соц. Эмг. Баатыры (1973), СССР МИАга мүчө-корр. (1961), УССРдин илимге эмг. сиң. ишмери. 1939-ж. Архангельскидеги мед. ин-тун бүтүргөн. 1952-жылдан бери Ф. Г. Яновский атн. көкүрөк хирургия ж-а Укр. учук ил. из. ин-тунун көкүрөк хирургия клиникасынын жетекчиси. 1954-ж. Киевдеги врачтардын билимин өркүндөтүү институнда көкүрөк хирургия кафедрасын түзүп, ага жетекчилик кылган. А-дун эмгектери негизинен өпкө, жүрөк-кан тамыр ооруларын хирургиялык жол м-н дарылоого ж-а мед. киберметикага арналган. А. СССР Жог. Советинин 6—7-шайл. депутаты, Лениндик сыйл. лауреаты (1961), 2 Ленин ордени ж. б. орден м-н сыйланган. А.— бир нече беллетристикалык чыг-лардын автору (мис., «Ойлор ж-а жүрөк» повести, 1965).

Чыг.: Очерки торакальной хирургии, К., 1958; Операции на сердце с искусственным кровообращением К., 1962.

АМПЕЛОГРАФИЯ (гр. ámpelos — жүзүм, grápho — жазуу) — жүзүмдүн түрлөрү ж-а сорттору ж-дө илим; буга адамдын ж-а чөйрөнүн таасири м-н жүзүмдүн өзгөрүшүнүн закон ченемдүүлүгүн изилдөө да кирет. 1878-ж. Венада эл аралык ампелографиялык комиссия түзүлүп, ал жүзүмдү сорттого бөлүүнүн бирдей системасын бекиткен. Бул системаны бардык ампелографтар колдоно баштады. А. жалпы ж-а айрым болуп бөлүнөт. Жалпы А. жүзүм тукумдарды өсүмдүктөрдүн пайда болушун, түрлөрүн, таралышын, өзгөрүшүн изилдөө методикасын талдайт. Айрым А. жүзүмдүн сортторун ботан. жактан сыпаттап, алардын биол. ж-а чарб. маанисин аныктайт. А. жүзүмдү селекциялоо, аның сортторун райондоштуруу маселелеринин ил. негиздерин иштеп чыгат. Биздин өлкөдө ампелографиялык изилдөөлөргө таянып, жүзүмдүн райондоштурулган сорттору көбөйтүлүп жүзүмдүн 1500дөн ашык жерг. ж-а 1000ге жакын башка жактан алынып келинген сорту киргизилип, бардык райондордогу жүзүмдүн сортторуна кеңири мүнөздөмө берилген. А-лык иш жүзүм өстүрүүчү өлкөлөрдө (Франция, Венгрия ж. б.) арбын жүргүзүлөт.

АМПЕР Андре Мари (22. 1. 1775—10. 6. 1836) — француз физиги ж-а математиги, электр динамикасына негиз салуучулардын бири, Париж ИАга мүчө (1814). 1805-ж. Париждеги политех. мектепте иштеген. Ушул мезгилде ыктымалдык теориясы, вариациялык эсептөө, математикалык анализ б-ча эмгектерин жарыялайт. 1824-ж. Париждеги Нормалдуу мектептин проф. А-дин физика б-ча иштери аны ири окумуштуулардын катарына жеткирди. 1820-ж. Х. К. Эрстед электр тогунун магнит жебесине жасаган аракетин ачкандан кийин, А. токтун аракети м-н магнит жебесинин кыйшаюусунун багытын аныктаган. А-дин андан кийинки изилдөөлөрү электр тогу өткөн учурда өткөргүчтөрдүн өз ара аракеттенүүлөрүнүн ачылышына ж-а бул өз ара аракеттенүү күчүнүн чоңдугун аныктоого алып келген. А. 1-жолу магнетизм теориясын түзгөн.

АМПЕР ЗАКОНУ — бири биринен кандайдыр бир аралыкта жайланышкан өткөргүчтөр б-ча өткөн эки токтун өз ара мех. аракеттеништери ж-дөгү закон. Өткөргүчтүн Δl_1 болугүнүн 2-өткөргүчтүн Δl_2 болугүнө болгон аракеттенүү күчү $F_{12} = k \frac{I_1 I_2 \Delta l_1 \Delta l_2 \sin\Theta_1 \sin\Theta_2}{r_{12}}$; r_{12} — өткөргүчтөрдүн аралыгы, Θ_1 бул Δl_1 ж-а r_{12} багыттарынын, Θ_2 бул Δl_2 м-н n перпендикулярынын ортосундагы бурчтар (к. сүрөт); k — бирдиктер системасына жараша болуучу коэффициент. Тогу бар өткөргүчтүн Δl узундугуна магнит талаасы таасир өткен мех. күчтүн $\Delta F = \kappa E B \Delta l \sin\Theta$ чоңдугун аныктоо формуласы да А. з. деп аталат. B — магнит индукциясы, α — бул В м-н Δl багыттарынын арасындагы бурч.



АМПЕР ТЕОРЕМАСЫ — өтө жука магнит баракчасынын магнит талаасы аның контуру б-ча туюк токтун магнит талаасына эквиваленттүүлүгүн аныктоочу теорема. Аны 1820-ж. А. *Ампер* далилдеген.

АМПЕР ЭРЕЖЕСИ — электр тогунун магнит талаасынын күч сызыктарынын ортолаасындагы көз карандылыгын аныктоочу эреже. Муну *Ампер* 1824-ж. ачкан. А. э-не ылайык электр тогу байкоочунун бутунан башын коздей багытталса, анда байкоочу оңдон солду көздөй багытталган магнит күч сызыктарын көрөт, к. *Бурама эрежеси.*

АМПЕРВОЛЬТВАТТМЕТР, к. *Айкалыштырылган электр өлчөгүч прибор.*

АМПЕРМЕТР — турактуу ж-а өзгөрмө токтун күчүн ампер бирдиги б-ча өлчөөчү прибор. Токтун күчүн өлчөөнүн чегине жараша А-дин шкаласы *ка, а, ма* ж-а *мка* ди көрсөтүүчү болүктөрго бөлүнөт. Өзгөрмө токтун күчүн өлчөөдө А. түзөткүч приборлор м-н жабдылат да, электр тизмегине удаалаш туташтырылат. Чоң күчтөгү турактуу токту өлчөөдө А-ге ар кандай шунттар бириктирилгендиктен, А. аркылуу токтун бөлүгү гана өтөт да, А-дин шкаласы керектүү токту өлчөй турган бөлүктөргө бөлүнөт.

АМПЕР-СААТ — электр санынын системадан тышкаркы бирдиги. Ал ток күчү 1 *а* болуп, өткөргүчтүн туурасынан кесилишн аркылуу 1 *саатта* өткөн электр санына барабар. Орусча — *а·с*, эл аралык белгиси — *A·h*. 1 *а·с*—3600 *к*. А.-с. м-н көбүнчө *аккумулятордун* электр энергиясы туюнтулат.

АМПИР (фр. empire — империя) —



М. К. Аммосов.



П. М. Амосов.



А. Н. Воронихин. Ленинграддагы тоо-кен институтунун көрүнүшү. 1806.



Ш. Персье менен Фонтендин сүрөтү боюнча кооздолгон желпингич.

19-к-да архитектурада ж-а колдонмо иск-водогу кеңири таралган стиль. «А.» термини Наполеон Iнин империясынын мезгилинде Францияда пайда болгон. Бул байыркы классикалык иск-вонун жалпы үлгүсүн ж-а формасын сактаган 18-к-дагы Франция классицизминдеги архит. жаңы агым. Францияда А-дин көрүнүктүү өкүлдөрү Ш. Персье, П. Фонтен ж. б. болгон. Орус архитектурасында А. өз алдынча улуттук мүнөзгө ээ болуп, шаар куруу ишинде кеңири колдонулган.

АМПЛИТУДА-ЖЫШТЫК МҮНӨЗДӨМӨ — синусоидалык термелүү амплитудасынын прибордун чыгышындагы термелүү жыштыгына жараша болушу. А.-ж. м. прибордун киришиндеги термелүү жыштыгы б-ча өзгөрүлө турган туруктуу амплитудада ж-а ал прибор сызыктуу тартипте иштеген кезинде өлчөнөт. Ал кыскача жыштык мүнөздөмөсү деп да аталат. Айкын болсун үчүн ал мүнөздөмө график түрүндө чийилгенде, ордината огуна термелүү амплитудасы же салыштырма амплитуда, абсцисса огуна термелүү жыштыгы өлчөп коюлат. Электр, радиотехника ж-а техниканын башка тармактарында А.-ж. м. б-ча ар түрдүү параметрлер — жыштык өткөрүү тилкеси ж. б. аныкталып, приборлордун, түзүлүштөрдүн иштеши ошол параметрлер б-ча бааланат.

АМПЛИТУДАЛЫК АНАЛИЗДЕГИЧ — электр импульстарынын амплитудаларынын таралуу закону аныктоочу түзүлүш. А. а. амплитудалардын интервалында импульстардын пайда болуу саны б-ча кокустук импульстун амплитудасынын жайланышуусунун интегралдык же дифференциалдык законун аныктайт. Схемасынын түзүлүш принциби б-ча А. а. бир ж-а көп каналдуу болуп бөлүнөт. ИД-2 прибору амплитудасы 0,1ден 100 *в* ко чейинки импульстардын жайланышуусунун интегралдык законун, ААДО-1 прибору амплитудасы 0,02ден 100 *в* ко чейинки импульстардын дифференциалдык законун аныктайт. Көп каналдуу А. а-тин ичинен АИ-100 ж-а АИ-250 приборлору эксперименттик физикада, радиолокацияда ж-а радио байланышында кеңири колдонулат.

АМПЛИТУДАЛЫК МОДУЛЯЦИЯ — электр, механика ж. б. термелүүлөрдүн өздүк термелүү жыштыктарынан бир кыйла аз жыштык м-н термелгендей болуп амплитудаларынын өзгөрүшү. А. мод. негизинен радиотехникада колдонулат. Анда үн термелүүлөрү үн жыштыгындагы электр термелүүсүнө айландырылып, радио бергич пайда кылуучу жог. жыштыктагы термелүүнүн амплитудасын өзгөртөт. Андан кийин А. мод-ланган термелүүлөрү радио толкуну түрүндө таралып, радио кабыл алгыч аркылуу кабыл алынат. Радио кабыл алгычта төмөнкү жыштыктагы модуляцияланган термелүүлөр кайрадан үн толкундарына айландырылат, к. *Термелүү модуляциясы.*

АМПУТАЦИЯ (лат. ampytatio—кесип таштоо) — буту-колдун, эмчектин, жатын моюнчасынын ж. б. органдардын четки бөлүгүн хирургиялык операция жолу м-н кесип таштоо. Оорунун абалына жараша кол-буттун учу тигил же бул муундан ажыратылат же болбосо мүчө толугу м-н алынып ташталат. Байыркы грек врачы Гиппократ (б. з. ч. 4-к.), римдик врачтар Цельс ж-а Архиген (б. з. 2-к.) А. жасала турган жерден өйдө жагын таңуу ж-а кан тамырын бууп-байлоо м-н кандын агышын токтотууну сунуш кылышкан. Бирок алардын А. жасоо убагында кан агууга жол бербөө ж-дөгү көрсөтмөлөрү 15 кылым бою эске алынган эмес. 16-к-да француз хирургу А. Паре кесилген кан тамырлардан кан агууну токтотууну жүзөгө ашыргандан кийин гана А. жасоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Органдын тиричиликке жөндөмдүүлүгү такыр жоголсо, же аны алып таштоо оорулууну өлүмдөн сактап кала турган болсо, А. жасалат.

АМСТЕРДАМ — Нидерланддардын админ.-экон. ж-а соода борбору, өлкөдөгү калкы көп ири шаар ж-а деңиз порту. Калкы 1029 миң (1972). Жүк ташуу б-ча өлкөдө Ротердамдан кийин 2-орунда. Нидерланддардын Гаага, Роттердам ж. б. шаарлары м-н



Амстердам шаары. Опенхавен—Фронт каналы.

каналдар, шоссе ж-а т. ж., ГФР м-н Рейн аркылуу байланышат. А-да Нидерланддар банкы, коммерсиялык эң ири банктар башкармасы, кеме компаниялары, соода биржасы, машина куруу, электр техника, авиация, химия, жыгач, нефть иштетүү, тигүү, тамак-аш ө. ж-лары бар. Алмазга кыр чыгаруу ж-а аны м-н соода жүргүзүү жагынан мурдатан белгилүү. Ун-т (1632-ж.), жог. окуу жайлары, китепкана (1578), музейлер, чиркөөлөр, 50гө жакын канал, 500гө жакын көпүрө бар.

АМТМАН-БРИЕДИТ (өз аты-жөнү — А м т м а н и с) Альфред Фрицевич [24. 7(5. 8). 1885—15. 5. 1966] — латыш совет режиссёру ж-а актёру, СССР эл артисти (1953). Сахналык ишмердигин 1903-ж. баштаган. 1919-ж. Рига драма театрында иштеп, 1944-ж. анын көркөм жетекчиси, 1949-ж. башкы режиссёру болгон. А.— Латвиянын ири реалист-актёрлорунун бири. Ал Райнистин «Индулис жана Арийсында» Индулистин, Григулистин «Чопо жана фарфорунда» Атвасардын, Островскийдин «Сепсиз кызында» Кнуровдун ж. б. ролдорун аткарган. Лацистин «Балыкчынын уулу» (1949), Упиттин «Көгөргөн жер» (1950), Блаумандын «Силмачтагы уздардын күндөрү» (1955) ж. б. спектаклдерин койгон. Латыш ССРинин мамл. консерваториясындагы театр ф-тетинин проф. (1949). СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1948, 1950, 1951). А. 2 орден м-н сыйланган.

АМУ-БУХАРА МАШИНА КАНАЛЫ — Бухара ж-а Каракол оазистерин сугаруу үчүн курулган комплекстүү ири гидротех. курулуш. Каналдан секундасына 124 $м^3$ суу өтөт. Канал Каракум чөлү аркылуу өтүп, бийик жерге жеткенде суу Хамза (48 *м*) ж-а Куюмазар (20 *м*) насостук станцияларынын жардамы м-н бийиктикке көтөрүлүп андан ары агат. Канал аркылуу жылына миңдеген *га* жер сугарылат.

АМУ-ДАРЫЯ (лат.— Оксус, ар.—Жейхун) — О. Азиядагы эң ири ж-а суулуу мол дарыя. Пяндж ж-а Вахш д-ларынын (Таж-нда) кошулушунан пайда болуп, Арал деңизине куят. Уз. 1415 *км*. Пяндж куймасын кошкондо 2540 *км*. Алабынын аянты 227000 $км^2$. Дарыянын суу жыйналуучу алабы дээрлик тоо тарапта (Памир). Негизги куймалары: Сурхаб (Кундуз), Кафирниган ж-а Сурхан-Дарыя. А.-Д. түздүккө чыккандан тартып нугу өтө кеңеет (ондогон *км*); куймалары жок, ошондуктан сугатка пайдалануудан, буулануудан, фильтрациядан суусунун өлчөмү улам азайып турат. Дарыянын төмөнкү агымы Кызыл-Кум ж-а Кара-Кум аркылуу өтөт. Арал деңизине куяр жеринде салааларга бөлүнүп, эң чоң *дельтаны* түзөт. А.-Д.— жер шарындагы эң ылайлуу (3,3 *кг/м³*) дарыялардын бири. Дарыянын эң чоң чыгымы — июнь — август, эң азы январь — февралга туура келет, Керки ш-нын тушунда жылдык орт. чыгымы 2000 *м³/сек* (1960-жылга чейин). Кара-Кум ж-а Аму-Бухара каналдары курулгандан бери суусунун көлөмү азайды. А.-Д. төмөнкү агымында тоңот (2—2,5 айга). Дарыя боюнда терек, тал, жылгын, жийде, камыш ж. б. өсөт. Алабуга, кызыл чаар, сазан ж. б. балыктар бар. А.-Д-нын ж-а анын куймаларынын ирригациялык мааниси чоң. Транспорттук ж-а энергет. мааниси аз. Дарыянын боюнда Термез, Керки, Чарджоу, Үргөнч, Нукус ш-лары жайгашкан.

Ад.: Ш у л ь ц В. Л., Реки Средней Азии, 2 изд., ч. 1—2, Л., 1965; Средняя Азия, М., 1968.

АМУ-ДАРЫЯ КАЗЫНАСЫ — Грек-Бактрия дооруна (б. з. ч. 4—2-к.) таандык эстелик. 1877-ж. Самаркандан Кундузга кеткен жолдогу Аму-Дарыянын кечүүсүнө жакын жерден табылган. А.-Д. к-нын табылгасы 179 алтын, 7 күмүш буюм, 1300 тыйындан турат. Бул табылга 1897-ж. Индия аркылуу «Британия» музейине жеткирилген. Анда алтындан куюлган статуялар, билериктер, ат, араба, кийик, эчки, каз, балык ж. б. бар. А.-Д. к. байыркы о. азиялык көчмөн сак урууларынын мад-ты м-н таанылтырат.



Аму-Дарыя казынасы. Арабанын алтын модели (б. в. ч. 4—2-к.).

АМУНДСЕН Руаль (16. 7. 1872—1928) — Норв. саякатчы ж-а изилдөөчү. «Иоп» деген чакан кеме м-н (1903—06) Гренландиядан Аляскага чейин Түн. Американы 1-жолу айланып өтөт. «Фрам» кемесинде Антарктикалык экспедицияны башкарып, Скотт жетекчилик кылган англ. экспедициядан бир ай мурда 1911-ж. 14—16-декабрда Түштүк уюлга жетет. 1918—20-ж. «Мод» кемеси м-н Евразия материгин жээктеп, Норвегиядан Беринг кысыгына чейин барат. 1926-ж. Шпицберген — Түндүк уюл — Аляска маршруту б-ча «Норвегия» дирижаблинде учкан 1-трансарктикалык экспедицияга жетекчилик кылат. Түн. Муз океанында катастрофага учураган итал. саякатчы У. Нобиленин экспедициясына жардам берүү үчүн А. 1928-ж. 18-июнда «Латам» гидросамолётунда учуп чыгып, бүткүл экипаж м-н Баренц деңизинде өлөт. А-дин ысымы м-н Антарктидадагы деңиз, тоо, *Амундсен-Скотт* атн. амер. ил. станция ж-а Түн. Муз океанындагы булуң, чуңкурдук аталган.

АМУНДСЕН БУЛУҢУ — Түн. Муз океанындагы Банкс ж-а Виктория а-дары м-н Канада жээктеринин ортосундагы булуң. Уз. 445 *км*, туурасы 213 *км*, тереңд. 285 *м* ге чейин жетет. Жылдын көпчүлүк мезгилинде муз каптап жатат. Августта суунун темп-расы 4°Cге чейин. Булуң норв. саякатчы Р. *Амундсендин* ысмында аталган.

АМУНДСЕН-СКОТТ — АКШнын Түш. уюлдагы Антарктидалык ил. станциясы. 1957-ж. январда уюштурулган. Муздук платонун үстүндө 2800 *м* бийиктикте жайгашкан. Абанын жылдык орт. темп-расы — 49,3°C, минимум — 78,9°C. Макс.— 14,7°C. Станцияда аэрометеорол. ж-а актинометриялык байкоолор, комплекстүү геофиз. изилдөөлөр жүргүзүлүп турат. Станция Түш. уюлду 1-ачкандардын ысымдары м-н аталган.

АМУР (монг. Х а р а-М у р э н — кара дарыя) — Чыг. Азиядагы дарыя. Шилка м-н Аргуни д-нын кошулушунан башталып, Охот деңизине куят. Уз. 2824 *км*, Аргунинин башталышынан 4440 *км*. Алабынын аянты 1855 миң $км^2$. 10 610 куймасы ж-а алабында аянты 10 599 $км^2$ге барабар, 61 426 көлү бар. А-дун жог. агымы Зея суусу куйган жерге чейин тоолуу келип, нугу тар, өрөөнү эңкейиштеп шар агат. Андан ары Амур-Зея платосу м-н Ильхури-Алин тоосунун аймагынан тартып өрөөнү кеңейе баштайт. Кичи-Хинган тоосун кесип өтүп Орто-Амур ойдуңуна чыгат. А. Төмөнкү Амур түздүгүнө чыкканда, салааланып агып, көп сандаган аралдарды пайда кылат. Негизинен жаан-чачындан куралат. Апрелде өрөөндөрдөгү, майда тоолордогу кар эрип, суу көбөйөт. Кээде нөшөр жамгырдан ташкындайт. Ноябрда тоңуп, апрелде ачылат. Жылдык орт. чыгымы 343 $км^3$ (10 800 *м³/сек*). А-дун аягынан башына чейин кеме жүрөт. Суунун гидроэнергет. кубаты 45 млн. *квт* га жетет, анын ичинен 15 млн. *квт* гана өздөштүрүлгөн. А. балыкка өтө бай: мында балыктын 99 түрү бар. Негизги пристандары: Покровка, Благовещенск, Ленинский, Хабаровск, Комсомольск-на-Амуре, Николаевск-на-Амуре.

АМУР МАДАНИЯТЫ — неолит доорунда Амур д-нын ортоңку ж-а төмөнкү бойлоруна тараган мад-т (б. з. ч. 5 ж-а 1 миңинчи жылдын башталышына таандык). Негизинен чопо идиш-аяктары ж-а таштан жасалган ар түрдүү эмгек куралдары табылды. Бул мад-тты калтырышкан уруулар көчмөн ж-а жарым көчмөндүү турмушта жашап, аңчылык м-н тиричилик кылышкан.

АМУР ОБЛАСТЫ РСФСРдин составында. 1932-ж. Хабаровск крайына кирип, 1948-ж. өзүнчө область болуп бөлүнгөн. Область Становой кырка тоосу м-н Амур д-нын ортосунан орун алган. Түш.-батышынан Кытай м-н чектешет. Аянты 363,7 миң $км^2$. Калкы 796 миң (1970). А. о-да 20 админ. район, 8 шаар, 31 ш. т. посёлок бар. Борбору — Благовещенск.

Табияты. Жеринин 60% тоолуу. Түздүктөрү негизинен түштүгүндө, түндүгүндө Становой (2412 *м*), чыгышында Джагды, Селемджа, Туран ж. б. (1500—2500 *м*), түн.-батышында Дырындин, Чельбаус, Янкан (1400—1600 *м*) ж. б. кырка тоолору, борб. бөлүгүндө Амур-Зея платосу, түштүгүндө Зея-Бурея, түндүгүндө Жог. Зея түздүктөрү жатат. Зея ж-а Селемджа д-нын жог. агымында алтын кени бар. Таш көмүр ж-а күрөң көмүр, темир, каолин, ак кварцит ж. б. кен байлыктарынын ири запастары ачылган; минералдуу булактары көп. Областтын климатына Тынч океандан соккон муссон ша-



Р. Амундсен.

малдары таасир этет. Кышы суук, кургак, кар аз жаайт. Январдын орт. темп-расы түштүгүндө —24,3°C, түндүгүндө —32,8°C. Жылдык жаан-чачын чыгышында 900 *мм*, батышында 456 *мм*. Эң ири д-сы — Амур (уз. 1246 *км*), анын Олдой, Зея, Бурея, Архара сыяктуу куймалары бар. Түштүгүнүн кыртышы кара, калган райондору күрөң ж-а бозомук топурактуу. Жеринин бетинин 65% токойлуу (аям карагайы, монгол дубу, корея кедри ж. б.). Тоолорунда күрөң аюу, каман, суусар, тыйын чычкан; куштардан — каракур, күкүк, ак кекилик, тоңкулдак; дарыяларында калуга, ак амур, каңылтыр ж. б. балыктары бар.

К а л к ы негизинен орус, украин, белорус, түндүгүндө эвенкилер, якуттар жашайт. 1 $км^2$ жерге 2,2 киши туура келет. Калктын 62% шаарда жашайт. Ири шаарлары: Свободный, Райчихинск, Зея, Невер.

Чарбасы. А. о.— ири а. ч. району. РСФСРде соянын 60%ин берет. Областтын көмүр ж-а алтын казып алуу, машина куруучу, токой, жыгач иштетүүчү ө. ж-лары өнүккөн. Ири Райчихинск ГРЭСи ж-а Зея ГЭСи курулду. Жер бургулоочу станокторду, мех. пресстерди, дарыя ж-а деңиз кемелерин, электр крандарын жасап чыгаруучу ө. ж. бар. Т. ж-нун уз. 1423 *км* (Транссибирь т. ж. өтөт). Автомоб. транспорту маанилүү орунду ээлейт. Дарыя жолдорунун уз. 2500 *км*.

Ад.: Природа Амурской области, Благовещенск, 1959; К о н о п л е в И. Н., Промышленность Амурской области в развитии, 2 изд., [Хабаровск], 1966; Экономические районы СССР, М., 1969; Л а в р и щ е в А. Н., Экономическая география СССР, М., 1972.

«АМФИБИЯ» — кургакта, сууда жүрүүчү аскердик же трансп. машина



«Амфибия» автомобили.

(танк, транспортёр, автомобиль, самолёт). 1. Т а н к, т р а н с п о р т ё р-«А-нын» чокпостугу анын герметизацияланган корпусунун сууга сыйымдуулугу м-н камсыз болот. Кыймылга келтирүү үчүн суу иштөөчү винт, гу-

сеницалуу чынжыр (гусеницалуу машиналарда) сыяктуу механизмдер пайдаланылат. «А.» 1-жолу 1-дүйн. согуш жылдарында даярдала баштаган. 1921—22-ж. АКШ м-н Францияда танк-«А-нын» үлгүлөрү жасалган. Кызыл Армия сууда сүзүүчү Т-37 танкасы м-н 1932-ж. куралданган. Ал 1940-ж. Т-38, Т-40 танктары м-н алмаштырылган. Т-40 маркасындагы танктын салм. 5,5 *т*, экипажы 2 киши, 2 пулемёт м-н куралданган, сыртына ок өтпөс болот капталган, жүрүү ылдамд. кургакта 44, сууда 5 *км/с* (к. *Бронетранспортёр)*. 2. Автомобиль-«А.» адам ж-а жүктү ташуу, аларды дарыя, көлдөрдөн өткөрүү максатында колдонулат. Сүзүү ылдам. 15—20 *км/с*. 3. Самолёт-«А.»—учуучу кайык түрүндө жасалган гидросамолёт. 4. Аэрочана-«А.» — карда гана эмес, сууда сүзүп, кубурдүү муэда жүрүүгө ылайыкталган кайыкдыжалар.

АМФИБИЯЛАР (гр. amphibia) — омурткалуу жаныбарлар классы; жерде-сууда жашоочулар дегенди түшүндүрөт, к. *Жерде-сууда жашоочулар.*

АМФИБОЛДОР — тоо тектерди түзүүчү жаратылышта кеңири тараган минералдардын тобу. А. роговая обманкалуу габбро, диорит, амфиболит, горнблендит, амфиболдуу сланец сыяктуу магмалык ж-а метаморфизмделген тоо тектердин көпчүлүк составын түзөт. Өңү составындагы темирдин өлчөмүнө жараша түссүз, жашыл кара. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5—6, салыштт. салм. 3,1—3,3. Кристаллографиялык түзүлүшү м-н хим. составына карай ромбалуу ж-а моноклиндүү А. болуп бөлүнөт. Ромбалуу А-го — антофиллит, моноклиндүү А-го *тремолит, актинолит, роговая обманка,* глаукофан ж-а арфведсониттер кирет. А. геол. кубулуштардын таасиринен бузулуп, хлорит, эпидот, монтмориллонит, карбонаттарга ж. б. минералдарга айланат. Амфибол-асбест деп аталган түрү кислоталарга туруктуу ж-а өткө чыдамдуу болгондуктан хим. ө. ж-да кеңири колдонулат.

АМФИБОЛИТ — негизинен *амфибол* м-н *плагиоклаздан* турган метаморфизмделген тоо тек. Составында кээде гранат, эпидот, биотит, диопсид, кварц ж. б. болот. Өңү кара, боз, көккул жашыл. А. ар кандай магмалык ж-а айрым карбонат чөкмө тоо тектердин өтө метаморфизмделишинен пайда болот. Айрым кара түстүү А. майда кооз буюмдарды жасоо үчүн ж-а курулушта имараттарды кооздоодо колдонулат.

АМФИМИКСИС (гр. amphi — эки жактан, mixis — кошулуу)—кадимки жыныстык процесс же эркектик ж-а ургаачылык жыныстык клеткалардын кошулушу. А-тин үч түрү белгилүү: изогамия, гетерогамия ж-а оогамия. Сырткы көрүнүшү ж-а чоңдугу жагынан окшош кыймылдуу жыныстык клеткалар (гаметалар) кошулушса — изогамия, кыймылдуу, бирок түрдүү чоңдуктагы (кичирээги эркектик, ириреэги ургаачылык) гаметалар кошулушса, гетерогамия деп аталат. Изогамия ж-а гетерогамия *төмөнкү түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн* өөрчүшүндө учурайт. Жыныстык процесстин таалданган түрү — оогамия. Мында кыймылдуу, эң майда эркектик жыныстык клеткалар (сперматозоиддер) ири ж-а кыймылсыз энелик клетканы уруктандырат. Оогамия бардык жаныбарларга, өсүмдүктөрдүн көпчүлүгүнө мүнөздүү, к. *Апомиксис.*

АМФИТЕАТР (гр. amphithéatron—тегерек театр) — 1) Байыркы Римдеги көпчүлүк үчүн курулган, гладиаторлорду ж-а жырткыч айбандарды кармаштыруучу монументтүү курулуштардын бири. А.— ортосунда *аренасы* бар эллипс түрүндөгү зор курулуш. Аренанын айланасына көрүүчүлөр



үчүн орундуктар жасалган. Тепкич сыяктуу улам жогорулап, тиреөчтөр ж-а татаал системалар м-н карматылып, алардын аралыгы фойе же тепкич катарында пайдаланылат. А. б. з. ч. Рим империясынын Верон, Помпей, Рим (Колизей) ж. б. шаарларында сакталып келген. 2) Азыркы мезгилдеги театрдагы партерден кийинки өрүштүү орундар. А. мис., Кремлдеги съезддер дворецинин, Чоң театрдын, Ленинграддагы концерт ж-а спорт залдарынын, Фрунзедеги опера ж-а балет театрынын А-лары.

АМФИУМДАР (amphiumidae) — жерде-сууда жашоочулар классынын куйруктуулар түркүмүндөгү тукум. А-дын бир гана түрү Amphiuma means бар. Жалпы дене түзүлүшү жылан балыктар сыяктуу, өңү кара, уз. 1 *м* ге жакын, буттары эң эле кичине 2—3 манжас манжасы болот. Жазында жупташат да, жайдын аягында ийиндерине 150дөй жумуртка таштайт. Личинкаларынын бакалоору болот, чоңдорунда бакалоор жылчыктары өмүр бою сакталат. АКШнын түш.-чыгышындагы саздуу көлмөлөрдө жашайт. Суусуз жерде да узакка чыдай алат. Моллюска, балык ж-а рак сыяктууларды жейт.

АМФОТЕРДҮҮЛҮК (гр. amphóteros— анысы да, мунусу да) — кээ бир заттардын шартка жараша же кислоталык, же негиздик касиетин көрсөтүү жөндөмдүүлүгү. Хим. заттын кислоталык же негиздик касиетке ээ болушу аны м-н аракеттенген экинчи заттын касиетине жараша болот. Бир эле затка күчтүү к-таларды таасир кылганда — негиздик касиетин, ал эми күчтүү негизди таасир этсе, кислоталык касиетин көрсөтөт: $Al(OH)_3+3HCl \rightleftharpoons AlCl_3+3H_2O$; $Al(OH)_3+NaOH \rightleftharpoons NaAlO_2+2H_2O$. А-ке суу даана мисал боло алат, анткени ал диссоциацияланганда, H^+ ж-а OH^- иондорун пайда кылат. Al, Zn, Cr ж. б. элементтердин суу кычкылдары А-ке ээ. Алар суу эритмесине өткөндө, шартка жараша H^+ ж-а OH^- иондорун бөлүп чыгарат. Мис.: $Cr^{+3}+ 3OH^- \rightleftharpoons Cr(OH)_3 \rightleftharpoons H^+ + CrO_2^- + H_2O$.

АМХАРА (АМАРИЛЬЯ) ТИЛИ—Эфиопияда жашаган амхара элинин тили. Бул тилде 6—11 млн. адам сүйлөйт. А. т. семит тилдеринин түш.-бат. бутагына киргени м-н анда кушит тилдеринин өзгөчөлүктөрү да байкалат. Анткени А. тилине кушит тилдеринин таасири тийгендиктен, сүйлөмдөгү сөздөрдүн тартиби кушит тилдериникине окшойт.

АМЬЕН ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1802) — Франция ж-а анын союздаштары Испания, Батавия Респ-касы м-н Англиянын ортосунда 1802-ж. Амьен ш-да (Франция) түзүлгөн договор. А. т. к. б-ча Англия Франциядан ж-а Испания м-н Батавия Респ-касынан тартып алган колонияларын (Цейлон м-н Тринидад а-нан башкаларын) аларга кайтарып берүүгө, Мальтадан аскерлерин чыгарып кетип, аларды ыйык Иоанн Иерусалимский орденине кайта берүүгө, Франция болсо аскерлерин Римден, Неаполдон ж-а Эльба а-нан чыгарып кетүүгө милдеттенген. Англиянын Мальта а-нан чыгып кетүүдөн баш тартышы англ.-франц. мамилелердин ырбашына алып келип, 1903-ж. 22-майда Англия Францияга согуш жарыялаган.

«АН» — авиаконструктор О. К. *Антонов* башчылык кылган конструктордук бюро түзгөн самолёттордун аталышы. Бул бюронун коллективи түзгөн Ан-10, Ан-22, Ан-24 самолёттору «Аэрофлот» аба жолунда негизги самолёттор болуп калды, к. *Авиация.*

АНАБАПТИСТТЕР (гр. anabaptizo— кайра сууга салам, б. а. кайра чөкүндүрам) — христиан дининдеги секта; реформация мезгилинде феод.-католиктик ж-а бюргердик-протестанттык лагерге каршы чыккан коомдук диний кыймылды жолдоочулар. А-дин көпчүлүгү кедей кол өнөрчүлөрдөн, дыйкандардан, интеллигенциянын бир бөлүгүнөн турган. Алар *акыр заман* болордо жер жүзүндө Христостун миң жылдык бейпил заманы орноойт деп, феод. тартиптерге каршы чыгышкан. *Германиядагы дыйкандар согушу (1524—25)* жеңилгенден кийин, А. ырайымсыз куугунтукка дуушар болушат. 1534-ж. Мюнстер ш-нын советинде А. көпчүлүк добушка ээ болуп, кээ бир прогрессчил мүнөздөгү чараларды ишке ашырышат. Көп убакыт өтпөй «коммуна» жеңилет. Мындан кийин алар социалдык күрөштөн баш тартышат. Бирок христианствонун айрым жоболоруна каршы чыккан алгачкы позицияларын уланта берген. 16-к-дын ортосунда А. мурдагы мүнөзүнөн таптакыр ажырап, ар түрдүү агымдарга бөлүнөт. Каршылык көрсөтпөө сектасы басымдуулук кылып, андан баптизм келип чыккан.

АНАБАР — Якут АССРинин түн.-батышындагы дарыя. Уз 939 *км*, алабынын аянты 100 миң *км²*. Анабар бөксө тоосунун түш. бөлүгүнөн башталып, Лаптевдер деңизине куят. Жогорку агымында капталдары тик өрөөн аркылуу агат. Түн. Сибирь ойдуңуна чыкканда А-дын өрөөнү кеңеет. Аланында көлдөр көп. Кар ж-а жаан сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 498 *м³/сек*. Сентябрдын аягында тоңуп, июндун башында ачылат. Ири куймалары: Кичи Куонамка, Уджа, Уэле, Суолама, Харабыл. А-дын алабында алмаз кени бар.

АНАБАР МАССИВИ — Сибирь платформасынын түн. тарабында кембрийге чейинки байыркы тоо тектерден түзүлгөн *фундаменттин* жер бетине чыгып жаткан бөлүгү. Анын аймагы *Анабар бөксө тоосу* жайгашкан аянтка туура келип, архей заманынын гнейстери м-н кристаллдуу сланецтеринин калың катмарынан турат. Аларды негиздүү, ультранегиздүү ж-а гранит интрузиялары жиреп чыккан. Массивдин чет жактарында архей заманындагы тоо тектердин үстүндө *рифей* м-н *кембрий мезгилинде* пайда болгон чөкмөлөр жатат.

АНАБИОЗ (гр. anabiosis — тирилүү, ana — кайрадан ж-а *био...)* — организмдеги тиричилик процесстердин (зат алмашуу ж. б.) убактылуу токтоп же өтө акырындап, тирүүлүктүн белгиси сезилбегендей болуп калган абал. А. жашоо шарттын кескин начарлаган учурунда (өтө муздактык, нымдуулуктун жоктугу ж. б.) байкалып, өнүгүү мезгилинде ыңгайлуу шарт түзүлсө, организмдин тиричилик процесстери калыбына келет, «тирилет». Эволюция процессинде А. сырткы чөйрөнүн жагымсыз шарттарына карай организмдин биол. ыңгайлануусу катарында келип чыккан. Буга курт, бака, жарганат ж-а микроорганизмдердин узак убакытка чейин укташы далил болот. А. кубулушу медицинада, ветеринарияда кеңири колдонулат.

АНАБОЛИЗМ (гр. anabole — көтөрүү) — организмдеги зат алмашууга катышкан хим. процесстердин бир түрү. Ал ткань м-н клеткалардын составдык бөлүктөрүн түзөт. А. өзүнө карама-каршы процесс — катаболизм м-н өз ара байланышта, анткени ар түрдүү бирикмелердин бөлүнүү продуктылары А-де кайра пайдаланылып, алардын айкалуушусунан жаңы заттар келип чыгат.

АНАДЫРЬ — РСФСРдин Магадан обл-дагы дарыя. Уз. 1150 *км*, алабынын аянты 191 миң *км²*. Анадырь бөксө тоосунун борб. бөлүгүнөн башталып, Беринг деңизине куят. Негизги куймалары: Яблон, Еропол, Майн, Чинейвеем, Белая, Танюрер. Жылдык орт. чыгымы 1000 *м³/сек*. Сентябрда тоңуп, июндун башында ачылат. Төмөнкү агымынан жогору карай 570 *км* аралыкка (Марково салаасына) чейин майда кемелер жүрөт.

АНАДЫРЬ (1920-жылга чейин Ново-Мариинск) — РСФСРдин Магадан обл-дагы Чукот улут округунун борбору, шаар (1965-жылга чейин — посёлок). Беринг деңизинин Анадырь булуңунун жээгиндеги порт. Калкы 7703 (1970). Петропавловск, Владивосток, Магадан ж-а Чукот улут округунун калк отурукташкан пункттары м-н деңиз аркылуу байланышат. Балык з-ду, тоо-кен ишканалары, пед. окуу жайы, край таануу музейи ж-а теле борбору бар.

АНАДЫРЬ БӨКСӨ ТООСУ—Азиянын түн.-чыгышындагы (РСФСРдин Магадан областынын Чукот улут округунда) бөксө тоо. Уз. 400 *км*, туурасы 130 *км*, бийикт. 800—1100 *м*. Бор ж-а палеоген мезгилдеринде пайда болгон базальт, андезит, дацит тоо тектеринен турат. Негизинен тоону майда тундра бадалдары, тоо этектерин кайың, кедр токою каптап жатат. Саздуу өзөндөрү бугу жайыты катары пайдаланылат.

АНАДЫРЬ ОЙДУҢУ Азиянын түн.-чыгышында (РСФСРдин Магадан облнын Чукот улут округунда). Анадырь булуңу м-н Пекульней ж-а Рарыткин кырка тоолорунун ортосунан орун алган ойдуң. Уз. 270 *км*, бийикт. 100 *м* ге чейин. А. о. түзөң келип, кээ бир жерлерден байыркы тоолордун (Алтын-Тоо, Укканий кряжы) калдыктарын көрүүгө болот. А. о. аркылуу Анадырь, Канчалан ж-а Улуу д-лары агып өтөт. Ойдуңда көп жылдык тоң жатат. Жер кыртышындагы муздун эришинен ж-а өзөндөрдүн эски нугунда пайда болгон көлдөр көп. Кайың, тал, кедр, суу жээктеринде теректер өсөт.

АНАКОНДА (Eunectes murinus) — оролмо жыландардын бир түрү. Уз. 6—7 *м*. Түсү бозомук, темгил, жонунда эки катар чоң тактары бар. Бразилияда, Гвианада жашайт. Көбүнчө сууда жүрөт, эң мыкты сүзөт. Адамга кол салган учуру сейрек кезигет. Кээде жумуртка, көбүнчө тирүүлөй тууйт. А. балыкты, канаттууларды, айбандарды жейт. Ал терисин, этин ж-а майын алуу үчүн кармалат.

АНАКСАГОР (б. з. ч. 500—428-ж. чейде) — байыркы грек философу, материалист, кул ээлөөчүлүк демократиянын идеологу. Өкмөт А-ду кудайсыз деп жарыялап, өлүм жазасына өкүм кылган. Андан качып кутулат. Ал Эмпедокл ж-а атомисттер м-н бирге бөлүнбөй турган элементтер ж-дөгү натурфилос. илимди өнүктүргөн. А. элементтердин саны чексиз ж-а алар чексиз бөлүнө алат, бөлүкчөлөрдү бириктирген же ажыраткан күч «нус» (акыл) деп эсептеген. Анын пикиринче, «нус» — нерселердин эң жеңили ж-а назиги. А. өзүнүн филос. илиминде диний ишенимдерге каршы күрөшкөн. А-дун «Табият жөнүндө» деген филос. чыг-сынан үзүндүлөр гана сакталган.

АНАКСИМАНДР Милетский (б. з. ч. 610—546-ж. чейде) — байыркы грек материалист-философу. *Фалестин* шакирти. «Табият жөнүндө» деген филос. чыг-нын автору. А. тиричиликтин баштапкы негизи — бирдиктүү, түбөлүк; айкындыгы жок нерсе — «апейрон», ал мейкиндик м-н убакыттын чексиздигин гана көрсөтпөстөн, аң-сезимдин чексиздигин да көрсөтөт, апейрондун дайыма кыймылда болушунан тынымсыз карама-каршылыктар (жылуу м-н суук, жарык м-н караңгы) пайда болуп, ошолордун күрөшүнүн натыйжасында өзгөрүштөр болуп турат дейт. А. 1-болуп Ааламдын чексиздиги ж-дө болжоо айткан. Адам башка жандуулар сыяктуу балыктан жаралган деп, жаныбарлар дүйнөсүнүн чыгышын табигый-тарыхый көз караштан түшүндүргөн эволюция идеясын көтөргөн.

АНАЛГЕЗИЯ (гр. analgesia — сезбестик) — ооруган жердин такыр сезилбей калышы. Мындай абал нерв системасынын кээ бир ооруларында (четки нервдердин, мээнин, жүлүндүн) байкалат. Бул убакта даам, темп-ра ж. б. да сезилбей калат.

АНАЛЬГИН — ооруган жерди басаңдатчу, эттин ысыганын төмөндөтчү ж-а сезгенүүгө каршы таасир этчү дары. Таблетка, күкүм түрүндө ичилет, эритмеси укол түрүндө берилет. Баш ооруганда, невралгия, кызыл жүгүрүк, сасык тумоо ж. б. ооруларды дарылоодо колдонулат. Чоң кишилер үчүн суткасына 3 *г* дан (1 *г* дан үч бөлүп ичилет) ашпоо керек. А. амидопирин, фенацетин ж. б. дарылар м-н бирге да чыгарылат.

АНАЛИЗ (гр. analysis — ажыратуу, бөлүү) — ой аркылуу же иш жүзүндө нерсени, кубулушту, процессти ж-а алардын катнаштарын, касиеттерин ар кандай бөлүктөргө ажыратуу. Ал дүйнөнү таанып-билүү процессинде ж-а практикада маанилүү роль ойноп, *синтез* м-н ажырагыс байланышта болот. Бүтүндү составдык бөлүктөрүнө ажыратуу көп кырдуу кубулуштун, нерсенин толуп жаткан касиеттери м-н жактарынын ичинен эң башкысын, маанилүүсүн бөлүп алуу ж-а ал аркылуу дүйнөнү терең таанып-билүү максатын көздөйт. Жалгыз А-дин өзү объект ж-дө толук билим бере албайт. Ал үчүн синтездөө керек, б. а. А. процессинде бөлүнүп алынып изилденген бөлүктөрдү, касиеттерди кайрадан бир бүтүнгө бириктирүү зарыл. Марксизм-ленинизм классиктери А. ж-а синтезди кеңири пайдаланышкан. Мис., К. Маркс «Капиталда» ка-

пит. өндүрүш жолунун айрым жактарын, элементтерин анализдеп, андан кийин ошол жактарды, элементтерди синтездөө аркылуу капит. коом ж-а анын тарыхый тагдыры ж-дөгү терең ил. тыянакка келген. К. Маркстын методу ойдун конкреттүүдөн абстракттууга ж-а андан кайра конкреттүүгө өтүшүнө негизделген. А. матер. диалек. методдун негизинде жүргүзүлөт.

АНАЛИЗАТОРЛОР (биологияда) — адамга, жаныбарларга таасир этчү бардык дүүлүктүргүчтөрдү талдоочу ж-а өздөштүрүүчү анат.-физиол. татаал системалар. А. ж-дө түшүнүктү орус физиологу И. П. Павлов илимге 1909-ж. кийирген. Ар бир А. четки кабыл алуучу прибордон (рецептор), кабар берүүчү өткөргүч бөлүктөн ж-а жог. борбордон (баш мээнин кыртышындагы нейрондор тобунан) турат. Кабыл алуучу приборлорго бүткүл сезүү органдары (көрүү, угуу, даам татуу ж. б.), булчуң, кан тамыр, муун, ткандардагы атайын рецепторлор кирет. Өткөргүч бөлүгү четки нерв клеткаларынан турат. Организмге таасир этүүчү дүүлүктүргүчтөрдү талдоо А-дун четки бөлүгүнөн башталат. Ар бир рецептор энергиянын белгилүү түрүнө жооп берип, талдоо улана берет. Сырткы чөйрөнүн алмашып туруучу дүүлүктүргүчтөрүнүн чебер, дифференцияланган татаал талдоолору А-дун жог. борбору — мээнин чоң жарты шарларынын кыртышында гана иш жүзүнө ашырылат.

АНАЛИЗДЕГИЧТЕР (оптикада) — жарык поляризациясынын мүнөзүн анализдөөгө арналган прибор. Поляризацияланган жарыкты анализдөө үчүн көбүнчө эллипстик же циркулярдык поляризацияланган жарыкты тегиздикте поляризацияланган жарыкка айлантуучу компенсатор деп аталуучу атайын прибор болот. Тегиздикте поляризацияланган жарыкты байкоо ж-а анын поляризацияланган тегиздигин аныктоо үчүн анализдегичтин милдетин аткаруучу поляризациялык призмалар, поляроиддер ж-а турмалин пластинкасы колдонулат, к. *Поляризация приборлору*.

АНАЛИЗДИН КИНЕТИКАЛЫК МЕТОДДОРУ — реакцияга кирүүчү заттардын концентрациясы м-н хим. реакциялардын ылдамдыгынын ортосундагы көз карандылыкка негизделген хим. анализдин сандык ж-а сапаттык методу. Реакциянын ылдамдыгы б-ча заттардын концентрациясы аныкталса, индикатордук реакция деп аталат. Эгерде реакция төмөнкү схема б-ча берилсе, $A+B=X+У$, анда ал реакциянын ылдамдыгы бул барабардык м-н туюнтулат: $\frac{dx}{dt}kab$,

мында k — ылдамдыктын константасы, a, $в$, x — болсо реакциянын процессинде өзгөрүүчү A, B ж-а X заттарынын концентрациясы. А. к. м. азыркы убакта 30дан ашык элементти аныктоодо пайдаланылат. А. к. м. өтө так метод болгондуктан, металлдардагы, куймалардагы, суудагы ж-а өтө таза заттардагы микроэлементтерди аныктоодо колдонулат.

АНАЛИТИКАЛЫК ГЕОМЕТРИЯ — геометриянын элементардык алгебранын жардамы м-н түспөлдөрдүн (чекит, түз ж-а ийри сызык, тегиздик ж-а 2-тартиптеги беттер) касиеттерин үйрөтүүчү бөлүгү. А. г. элементардык алгебра ж-а координаталар методдору м-н изилденет. Координаталар методдорун франц. окумуштуулар Р. Декарт м-н П. Ферма сунуш кылып, И. *Ньютон*, Л. *Эйлер* тарабынан өркүндөтүлгөн. А. г-нын изилдөө ме-



1-сүрөт.



2-сүрөт.



3-сүрөт.

тоддору матем., мех., физ. ж. б. илимдердин тармактарында кеңири колдонулат. Масштабдык бирдиктери бирдей болгон өз ара перпендикуляр Ox, Oy түз сызыктары алынып (1-сүрөт), тегиздикте Oxy декарттык тик бурчтуу координаталар системасы түзүлөт. Мында O — координаталар башталмасы, Ox — *абсцисса*, Oy — *ордината* октору деп аталат. Тегиздиктеги M чекитинин Oxy системасындагы абалын аныктоо үчүн анын Ox, Oy окторуна түшүрүлгөн проекциясын — Mx, My, ал эми OMx ж-а OMy кесиндилеринин чоңдугун x, y м-н белгилейбиз. Анда x ж-а y M чекитинин Oxy системасындагы декарттык тик бурчтуу координаталары деп аталып, $M(x, y)$ түрүндө жазылат. Координаталар методунун негизинде тегиздикте берилген ар кандай сызык $F(x, y)=0$ теңдемеси м-н туюнтулат. Мис., тик бурчтуу координаталар системасына карата $Ax+By+C=0$ теңдемеси түз сызыкты, $x^2+y^2-R^2==0$ — борбору 0 (o, o), радиусу R болгон айлананы (2-сүрөт), $\frac{x^2}{a^2}+\frac{y^2}{b^2}-1=0$ — эллипсти, $\frac{x^2}{a^2}-\frac{y^2}{b^2}-1==0$ — гиперболаны аныктайт. Тегиздиктеги А. г. декарт координаталар системасына карата эки белгисиздүү алгебр. теңдемелер м-н аныкталуучу сызыктардын геом. касиеттерин, ийри ж-а түз сызыктын, о. эле эки түз сызыктын өз ара жайланышын изилдейт. Ушул сыяктуу эле мейкиндикте да координаталар системасы түзүлөт ж-а ага карата M чекитинин ээлеген орду x, y, z (абсцисса, ордината, аппликата) сандары м-н аныкталып, $M(x, y, z)$ түрүндө жазылат. Эгер октор өз ара перпендикулярдуу болсо, координаталар системасы тик бурчтуу деп аталат (3-сүрөт). Мейкиндикте берилген координаталар системасына карата ар кандай бет $F(x, y, z)=0$ теңдемеси м-н аныкталат. Мис., $Ax+By+Cz+D=0$ тегиздикти, $x^2++y^2+z^2-R^2=0$ борбору 0 (0, 0, 0), радиусу R болгон сфераны аныктайт. Ал эми мейкиндиктеги сызык эки беттин: $F_1(x, y, z)=0$ ж-а $F_2(x, y, z)=0$ кесилиши катарында каралат.

Ад.: Мусхелишвили Н. И., Курс аналитической геометрии, М., 1967; Ефимов Н. В., Краткий курс аналитической геометрии, 9 изд., М., 1967; Ильин В. А., Позняк Э. Г., Аналитическая геометрия, М., 1967; Александров П. С., Лекции по аналитической геометрии, М., 1968.

АНАЛИТИКАЛЫК ТИЛДЕР — сүйлөмдөгү сөздөр өз ара сөздөрдүн формалары аркылуу эмес, жардамчы сөздөр, сөздөрдүн орун тартиби, интонация аркылуу байланыша турган тилдер. Буга англис, француз, жаңы фарс, болгар тилдери кирет. Тилдерди аналит., синтет. деп эки топко бөлүштүрүп, аларды бири бирине салыштырууга болот (к. *Синтетикалык тилдер*). Аналит. тилдерде сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышы предлог, артикль сыяктуу жардамчы сөз түркүмдөрү аркылуу же сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби аркылуу ишке ашат.

АНАЛИТИКАЛЫК ФИЛОСОФИЯ — философияны таанып-билүүнүн каражаты—тилди ж-а түшүнүктөрдү анализдөө м-н алмаштырган азыркы кездеги бурж., негизинен англ.-амер. философиядагы багыт. Ал классикалык философияга мүнөздүү болгон объект м-н субъекттин карым-катнаштарынын түпкү проблемаларына байланыштуу таанып-билүү каражатынын филос., гносеологиялык анализин, айрым ил. проблемаларды логикалык, логикалык-лингв., семиотикалык ж. б. изилдөөлөр м-н гана чектейт. А. ф-нын жактоочулары өздөрүнүн анализин дүйнөгө көз караштын түпкү проблемаларын изилдөөгө карама-каршы коюшуп, азыркы учурдагы философияда позитивизмдин багытын улантып жатышат. Анда 2 багыт бар: анализдин каражаты катары азыркы кездеги матем. логиканын аппаратын колдонгон логикалык анализдин философиясы ж-а анализдин негизги методу катары логикалык формализацияны четке каккан лингв. философия. А. ф. философиянын дүйнөгө болгон көз карашынын маанисин жоюп, аны логикалык, лингв. изилдөөлөр м-н алмаштырат.

АНАЛИТИКАЛЫК ФУНКЦИЯ — даражалуу катар түрүндө берилүүчү $[f(x)=a_0+a_1(x-x_0)+...+a_n(x-x_0)^n++...]$ функциялар. Бул даражалуу катардын коэффициенттери $a_n=\frac{f^n(x)}{n!}$ формуласы м-н аныкталат. А. ф. матем., физ. ж-а тех-да көп кездешет. А. ф-га арифм. амалдарды колдонуунун натыйжалары, коэффициенттери А. ф. болгон алгебр. теңдемелердин чыгарылыштары, А. ф-ны дифференциалдоо ж-а интегралдоодон келип чыккан функциялар кайрадан эле А. ф. болушат. Кандайдыр бир областтын бардык чекиттеринде үзгүлтүксүз туундуга ээ болуучу комплекстик өзгөрмөлүү функция бул областта А. ф. болот. *Д* областында $f(z)=u(x, y)++iv(x, y)$ функциясы берилсе, анын А. ф. болушу үчүн $u(x, y)$, $iv(x, y)$ функцияларынын үзгүлтүксүз айрым туундуларга ээ болушу ж-а $\frac{du}{dx}=\frac{dv}{dy}$, $\frac{dv}{dx}=-\frac{du}{dy}$ (Коши-Римандын теңдемелери) барабардыктарынын аткарылышы зарыл ж-а жетиштүү. А. ф. өзү каралган областта бардык тартиптеги туундуларга ээ. Кандайдыр бир *Д* областында ар түрдүү чекиттердин пределге ээ болуучу удаалаштыгы берилсе, анда бул чекиттерде берилген маанилерди кабыл ала турган А. ф. бирөө гана болот.

Ад.: Маркушевич А. И., Теория аналитических функций, 2 изд., т. 1—2, М., 1967—68; Евграфов М. А., Аналитические функции, 2 изд., М., 1968.

АНАЛИТИКАЛЫК ХИМИЯ — заттардын составын аныктоо методдорун изилдөөчү илим. А. х. сапаттык ж-а сандык анализге бөлүнөт. *Сапаттык анализдин* жардамы м-н изилденүүчү заттын составындагы элементтер, иондор, молекулалар же бирикмелер аныкталат, *сандык анализдин* жардамы м-н заттын составындагы элементтердин сан жагынан катнаштарын билүүгө болот. Белгисиз затты изилдегенде, адегенде анын сапаттык составы, анан сандык составы аныкталат. Сапаттык анализдин хим. методдору мүнөздүү белгилери бар реакцияга негизделет. Тиешелүү реактивдин таасири м-н анализделүүчү заттын, эритмесинин өңүнүн өзгөрүлүшүн, чөкмөнүн же жыттуу газдын бөлүнүшүн байкоо м-н заттардын сапаттык составы аныкталат. Сандык анализ салмактык ж-а көлөмдүк (*титриметрлик*) методдорго бөлүнөт. Салмактык методдо аныкталуучу ион чөктүргүч реактивдин жардамы м-н эритмеде чөкмө түрүндө бөлүнүп, анын салмагынын негизинде аныкталуучу элементтин же анын бирикмесинин сандык катнашы табылат. Көлөмдүк (титриметрлик) методдо, аныкталуучу заттын эритмесине тиешелүү реактивдин белгилүү концентрациядагы эритмесин өз ара толук реакциялашканга чейин тамчылатып кошот. Мындай процесс *титрлөө* деп аталат. Титрлөө бүткөндө, индикатордун түсү өзгөрөт. Бул учур эквиваленттик чекит деп аталат. Концентрациясы белгилүү болгон реактивдин эритмесинин эквиваленттик чекитке чейинки зарп кылынган көлөмүн ченөө аркылуу аныкталуучу заттын саны табылат. Көлөмдүк анализ нейтралдоо (*алкалиметрлик, ацидиметрлик*), аргентометрлик ж-а оксидиметрлик методдорго бөлүнөт. Эң аз өлчөмдөгү заттарды ж-а хим. касиеттери б-ча жакын болгон элементтерди анализдөө үчүн салмактык ж-а көлөмдүк методдорду колдонуу мүмкүн эмес. Мындай учурда физ.-хим. ж-а физ. методдор колдонулат. Буларга *фотометрлик, кондуктометрлик, потенциометрлик, полярографиялык*, амперметрлик, *радиоактивациялык* ж. б. методдор кирет. Орг. заттардын сапаттык ж-а сандык составын аныктоодо элементтик, функционалдык анализдер м-н физ. методдор колдонулат. Физ. методдор анализделүүчү заттардын физ. касиеттерин — тыгыздыгын, кайноо, эрүү темп-расын, үстүнкү бетинин тартылышын, ар түрдүү нурдун энергиясын сиңирүү, жарыкты сындыруу, чачыратуу жөндөмдүүлүгүн, электр ж-а жылуулук өткөргүчтүгүн өлчөөгө негизделген. А. химия илиминин өсүшүндөгү, ө. ж. процесстерин контролдоодо ж-а а. ч-да мааниси зор.

Ад.: Алексеев В. Н., Курс качественного химического полумикроанализа, 4 изд., М., 1962; Ляликов Ю. С., Физико-химические методы анализа, 4 изд., М., 1964; Лурье Ю. Ю., Справочник по аналитической химии, М., 1962.

АНАЛИТИКАЛЫК ЭСЕП — чарб. процесстин жүрүшү ж-а чарба каражаттарынын айланышы ж-дөгү так маалыматтарды берүүчү бухг. жазуу системасы. Мында чарба операцияларынын бөлүнүшү ж-а иштеги кыймыл-аракети көрсөтүлүп, күндөлүк ишке керектүү көрсөткүчтөр берилет. Мис., негизги каражаттар деген синтетикалык счёттун А. э-нде ар буюмдун кыймылы (машинанын, станоктун ишке берилген убагы, жайы, амортизация нормасы, капиталдык оңдоодон өтүшү) катталат. А. э-теги жазуунун тууралыгы синтетикалык счётторго салыштырылып, анын көрсөткүчтөрү өндүрүлгөн продукциянын баасын чыгарууда, ишкананын чарб. ишин анализдөөдө кеңири колдонулат.

АНАЛОГДУУ ЭСЕПТЕГИЧ МАШИНА (АЭМ) — баштапкы информациядагы өзгөрмө чоңдуктун өзгөрүлгөн маанисинин ордуна, масштабдык коэффициенти жагынан адепки өзгөрүлмө чоңдукка окшобогон башка чоңдуктун маанисин коюп чыгаруучу эсептегич машина. Матем. амалдардын түрүнө жараша АЭМдин эсептөө чыгаруучу блогу түз сызыктуу, түз сызыктуу эмес ж-а логикалуу болуп бөлүнгөн бир нече элементтен турат. Ар бир элемент өзүнө тийиштүү матем. амалды аткарат. Сызыктуу элементтер кошуу, интегралдоо, белгилерин өзгөртүү, турактуу санга көбөйтүү амалдарын жүргүзөт. Сызыктуу эмес элементтер бир, эки ж-а андан көп аргументтен функцияларды алып, алардын сызыктуу эмес көз карандылыктарын көрсөтөт. Логикалык чыгаруучу элементтерге бир нече чоңдуктун ичинен эң чоңун же эң кичинесин бөлүп алуучу үзгүлтүксүз логикалык түзүлүштөр ж-а схеманы релелик кайра туташтыруучу дискреттик логикалык түзүлүштөр кирет. Чоңдуктардын түрүнө жараша АЭМ мех., пневматикалык, гидравликалык, электр мех. ж-а электрондук болуп бөлүнөт. Булардын ичинен электрондук АЭМ көбүрөөк пайдаланылат.

АНАЛОГИЯ (гр. analogia — ылайык келүү, бап келүү, окшоштук). 1. Философияда А.— заттардын (кубулуштардын ж-а процесстердин) кандайдыр бир касиеттериндеги окшоштук. Логикада А-нын жардамы м-н эки заттын кандайдыр бир касиеттери окшош болсо, башка касиеттеринин да окшоштугу ж-дө корутунду чыгарылат. А. б-ча чыгарылган корутунду чын же жалган болушу мүмкүн. Чыгарылган корутундунун тууралыгын же натууралыгын билүү үчүн аны практикада текшерип, сынап көрүү керек. 2. Биологияда А.— ар кыл түзүлүштөгү ар түрдүү түйүлдүктөн келип чыккан организмдин системалык группаларынын ж-а орган же бөлүкчөлөрүнүн сырткы түспөлдөрүнүн окшоштугу; абалкы жашоо шартына ыңгайланышы. Сууда жашоочу сүт эмүүчүлөрдүн (кит, дельфин) узун, сүйрү денеси м-н балыктардын денеси, буурчактын, жүзүмдүн мурутчалары бири бирине окшош болушу (к. *Аналогиялуу органдар*) А-га мисал болот. А. негизинен морфол.-функциялык окшоштукту көргөзөт. Илимге А. түшүнүгүн Аристотель биринчи кийирген. Р. Оуэн анын функциялык окшош катарын аныктап, А-ны гомологияга карама-каршы койгон. 1859-ж. Ч. Дарвин А. бири биринен алыс турган систематикалык группалардын жашоо чөйрөсү бирдей шартта, эвол. өнүгүшүнүн процессинде, ошол шартына ыңгайлануунун натыйжасында пайда болорун далилдеген.

АНАЛОГИЯЛУУ ОРГАНДАР — аткарган кызматы окшош, бирок түзүлүшү ж-а түпкү чыгышы ар кандай болгон мүчөлөр. Мис., канаттуулар м-н курт-кумурскалардын канаттары, балыктар м-н рак сыяктуулардын бакалоору, кургакта жашоочу омурткалуу жаныбарлардын өпкөсү, курт-кумурскалардын трахеясы бирдей кызмат аткарса да, алардын түзүлүш тегинде эч кандай окшоштук жок. Курт-кумурскалардын канаттары гаструланын эктодерма кабатынан, ал эми ка-



К. Н. Ананьев.



Н. Я. Ананьев.

паттуулардыкы мезодермадан өөрчүйт. Курт-кумурскалардын трахеялары эктодерма кабатынан өөрчүп, түтүкчөлөр түрүндө бүт денеге таралат, ал эми омурткалуулардын өпкөсү болсо — эндодермадан өөрчүгөн түзүлүшү татаал орган. Муунак буттуулардын буттары эктодермадан, омурткалуулардыкы мезодермадан өсүп жетилет. А. о. өсүмдүктөр арасында да кездешет. Мис., берү карагаттын тикендери — түрү өзгөргөн жалбырак, ал эми долоноңун тикендери — анын өзгөргөн жаш бутакчалары. А. о-дын окшош болушу ар кандай организмдердин айлана-чөйрөнүн шартына жараша акырындык м-н өсүп-өнүгүшүнүн натыйжасында пайда болот, к. *Аналогия* (биология).

АНАЛЬЦИМ, к. *Цеолиттер.*

АНАМНЕЗ (гр. anámnesis — эстөө, эске түшүрүү) — оорулуу адам врачка өз оорусунун ж-а турмушунун тарыхын баяндап бериши. Бул диагнозду так коюуга көмөк берет. Врач оорулуунун А-ин чогултуп, анын оорусунун тарыхын жазып алат. Ооруган адамдын абалы абдан оор болсо (врачтын суроосуна жооп бере албаса) же эсин жоготкон учурда, о. эле жаш балдардын А-и жакын ага-туугандарынын, жолдошторунун, ата-энесинин айтуусу б-ча жыйналат. А. оорунун, турмуштун, баланын ж-а эпидемиологиянын А-не болгнот.

АНАМОРФОТТУК КИЙГИЗМЕ (гр. anomorphóo — өзгөртүп түзөм) — объективге түшүүчү жарык нурларынын жантаюу бурчун анын оптикалык огуна карата өзгөртүү м-н сүрөттү горизонттук тегиздикте чоюйтуу же кичирейтүү үчүн киноаппараттын объективине кийгизилүүчү оптикалык курал. А. к-ни колдонуп, киноаппарат ж-а стандарттуу киноплёнка м-н кең экрандуу фильмди тартууга ж-а проекциялоого болот. Жонокой А. к. цилиндр түрүндөгү оң ж-а терс линзалардан турат. Ушундай А. к-ни колдонуп киноаппарат м-н тартканда, эни куюп сүрөт алынат, аны экранга түшүргөндө, эни созулуп, киного тартылган көрүнүштүн дал өзү пайда болот.

АНАНАС (Ananas) — бромель тукумундагы тропиктик жемиш өсүмдүгү. Жалбырагы калың, кыры тикенектүү, уз. 80 *см* ге чейин барат. Жемиши сүйрү, сары түстүү, даамы таттуу, кычкыл, салм. 2—15 *кг*, уругу болбойт. А. тропиктик өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө өсөт. Тропиктик Америкада 5—6 түрү бар.



А. чийки, консерва түрүндө тамак-ашка колдонулат. Андан варенье ж-а конфет жасалат. Филиппин ж-а Тайвань а-дарында А. була алуу үчүн да өстүрүлөт.

АНАНД Мулк Раж (1905-ж. т.) — инди жазуучусу ж-а илимпоз. Англис тилинде жазат. Лондон ун-тин бүтүргөн (1929). Философиянын доктору, Пенжаб ун-тинин проф. (1962). Сажад Захир м-н бирге 1936-ж. Индия прогрессчил жазуучуларынын ассоциациясын уюштурган. Алгачкы чыгда («Жуушпаган жан», 1935; «Кыштак», 1939 ж. б.) кара жумушчулардын, кедей-дыйкандардын оор турмушун сүрөттөйт. А.— «Индия ражаларынын турмушу» (1953), «Жол» (1961), «Баатырдын өлүмү» (1963) ж. б. прозалык чыг-дын, «Жети жыл» (1951) ж-а «Таң алдында» (1964) аттуу автобиогр. дилогиянын автору. Анын белгилүү «Кулдар» (1936), «Кылыч жана орок» (1942) романдары социалдык зор маселелерди козгойт. А.— Тынчтыктын эл аралык сыйлыгынын лауреаты (1953).

АНАНЬЕВ Константин Николаевич (1910-ж. т.) — байланыш системасынын новатору, СССР байланыш мастери, Соц. Эмг. Баатыры (1956). 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. А. 1933-жылдан Кырг-ндагы байланыш системасында иштеп, радиотехниктен Кыргыз ССР байланыш министрининн орун басарлыгына чейин көтөрүлдү. Ал жетекчилик кылган Кырг-ндагы байланыш кызматкерлеринин группасы тоолуу жерлерди радиореле магистралын кеңейтүүдө ж-а теле көрсөтүүнү жакшыртууда бир топ эмгек сиңирди. Группанын демилгеси м-н Сов. Союзунда 1-жолу телефон байланыштарын аба аркылуу жүргүзүү ишн уюштурулду. А. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, 2 «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АНАНЬЕВ Николай Яковлевич (1912—1941) — Сов. Союз. Баатыры (1942). 1941-ж. Кызыл Армиянын катарына чакырылганга чейин Кыргыз ССРинин Ысык-Көл р-нундагы Сазановка кыштагында колхозчу болуп иштеген. Фронтто А. 316-аткычтар дивизиясынын 1075-аткычтар полкунда кызмат кылган. Полк Москваны нем.-фаш. баскынчылардан баатырдык м-н коргоого катышты. 1941-ж. 16-ноябрда душман Москваны көздөй чабуулга өткөндө, Волоколамск шоссеси багытындагы Дубосеково т. ж. разъездин коргоочулардын ичинде атактуу 28 панфиловчунун катарында эрдик көрсөткөн. А. туулган жер азыр *Ананьев кыш.* деп аталат.

АНАНЬЕВ, Байсоорун, Сазановка — Ысык-Көл обл-дагы Ысык-Көл р-нуна караштуу кыштак. «1-Май» к-зунун борбору. Ысык-Көлдүн түн. жээгинен 4 *км*, Рыбачье — Пржевальск шоссе жолунун боюнда. Рыбачье т. ж. станциясынан 129 *км*, р-ндун борбору Чолпон-Атадан 49 *км* чыг. таранта жайгашкан. Калкы 8242 (1972). Май з-ду, 2 орто, 1 сегиз жылдык мектеп, мад-т үйү, клуб, 5 китепкана, оорукана бар. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

АНАПА — РСФСРдин Краснодар крайындагы шаар. Кара деңиздин Анапа бухтасында. Тоннельный т. ж. станциясынан 33 *км* аралыкта жайгашкан. Калкы 30 миң (1970). А.— климаттык курорт. Анда жыл бою иштеген курорттор, балдардын санаторийлери, дем алуу үйлөрү, энелер ж-а балдар пансионаттары, тамак-аш, жеңил ө. ж., а. ч. техникуму, край таануу музейи бар.

АНАПЛАЗИЯ — клетка ж-а ткандардын жетилбеген абалга кайра келиши. Мында ткань ж-а клетка өзүнө тиешелүү функцияны аткарбай, чексиз өсө берет. Рак шишигинин заддарынан клеткалардын жаңа чегин, андагы пайда болгон өзгөрүүлөрдү А-дан билүүгө болот. А-ныи белгилери: ядролордун түзүлүшүнүн ж-а көлөмүнүн өзгөрүшү; клеткалардын жетилген абалынын төмөндөшү, алардын физ., хим., биохим. касиеттеринин бузулушу; клеткалардын чексиз өсүшү ж-а алардын ортосундагы байланыштардын начарлашы.

АНАПЛАЗМОЗ, анаплазмоздор — мал ж-а айбанаттардын анаплазм тукумундагы кан мителери пайда кылуучу ылаңы. Ылаң дарттуу малдан соо малга кенелердин, курт-кумурсканын (көгөн, заар чымын, чиркей) чаккан жери аркылуу жугат. А. көбүнчө жазында, жайында, күзүндө кездешет. Инкубациялык мезгили 3—6 жумага, кээ бир учурда 3 айга созулат. Дарттуу малдын темп-расы кыска мөөнөткө көтөрүлүп, былжырлуу чели саргайып, моюндун, төштүн алдын шишик басат, саан малдын сүтү азайып, арыктайт. А-дон сактануунун негизги чаралары: ылаң ж-а мите ташыгычтарга каршы күрөшүү, аларды инсектициддердин эритмесинде купкалоо, малдын канын текшерүү. Дары катарында террамицин, биомицин, биоветин, тетрациклин колдонулат.

АНАР (Punica granatum) — анар тукумундагы бадал же дарак. Бийикт. 2—5 *м*, сабак бутагы тикенектүү. Отургузгандан 3—4 жылдан кийин мөмөлөйт. Мөмөсү тоголок, салм. 300—600 *г*. Бир түбүнөн 50—60 *кг* түшүм берет. Уругу ширелүү, жеңиликтүү. Жапайысы О. Азияда, Закавказьеде, Иранда, Афг-ида, Индияда өсөт. СССРде О. Азияда ж-а Закав-



Алмаз, Асыл ж-а кооз таштар, Алтын рудалары макалаларына. 1. «Токтогул» алмазы. 2. «Орлов» алмазы. 17-к. 3. «Шах» алмазы. 16-к. 4. Билерик (алтын, алмаз, эмаль). 5. «Чоң гүл дестө» (алтын, күмүш, изумруд, бриллиант). 6. «Төө» (уюган нукура алтын руда (самородок)]. 7. Малахит. 8. Агат. 9. Арагонит [Айдаркен (Хайдаркен) кени]. 10. Гранат. 11. Аметист. 12. Аквамарин 13. Изумруд. 14. Александрит. 15. Рубин. 16. Сардоникс. 17. Сапфир. 18. Топаз.



1

2

3

Анатомия макаласына. **1-сүрөт.** 1 — бет бөлчүгү; 2 — чоң көкүрөк бөлчүгү; 3 — эки баштуу бөлчүк; 4 — ич бөлчүгү; 5 — билек бөлчүгү; 6 — сан бөлчүгү; 7 — балтыр бөлчүгү; 8 — таман сөөктөрү; 9 — шыйрактын чоң ж-а кичине жилинчик; 10 — кашка жилик; 11 — жамбаш сөөгү; 12 — алакан сөөктөрү; 13 — кар жилик; 14 — күң жилик; 15 — далы; 16 — акырек сөөгү; 17 — төш; 18 — моюн омуртка. **2-сүрөт.** Арка бөлчүңдары: 1 — сапаа сымал (үч бурч) бөлчүң; 2 — трапеция сымал бөлчүң; 3 — арканын жайык бөлчүңү; 4 — кар жиликтин төрт баштуу бөлчүңү. **3-сүрөт.** Көкүрөк ж-а ички органдар: 1 — өпкө; 2 — жүрөк; 3 — боор эт; 4 — карын; 5 — көк боор; 6 — жоон ичеги; 7 — жука ичеги; 8 — табарсык; 9 — боор.

кайе реси-каларында, Крымда, Дагстанда өстүрүлөт. Ширесинен суусун ичимдиги, сироп, татымал даярдалат. А. дары, боёк жасоо ишинде да керектелет. А-дын мыкты сорттору: казаке анар, кызыл анар, бала мюрсалы ж. б. Ал калемче, тамыр, кырчын аркылуу көбөйтүлөт.



Анар: 1 — гүлдүү шак; 2 — мөмө; 3—узунунан жара кесик мөмө; 4 — туурасынан жара кесик мөмө.

«АНАР» — К. Эшмамбетов м-н Н. С. Холфиндин либреттосуна композиторлор В. А. Власов м-н В. Г. Ференин жазган балети (балетти койгон — Н. С. Холфин ж-а В. В. Козлов, дирижёру — В. И. Чернов, сүрөтчүсү — Я. З. Штоффер). Премьерасы 1940-ж. 7-ноябрда Фрунзедеги муз. драма (азыркы Ленин ордендүү акад. опера ж-а балет) театрында болгон. «А.» балети — кыргыз хореогр. өнөрүндөгү



«Анар» балети. Анар — Молдобаева, Кадыр — Гафаров. 1940.

саамалык. Мында рев-яга чейинки турмуштук көрүнүштөр сүрөттөлөт. Окуя бир айылдын сулуусу Анар (А. Молдобаева, Г. Худайбергенова) м-н койчу жигит Кадырдын (А. Мамакеев) тунук махабатынын ж-а алардын бактысына боогөт болгон кара мүртөз, ач көз манап Багыштын (Г. Автандилов) ортосундагы күрөштүн айланасында өнүгөт. Балет 1957-ж. 2-жолу редакцияланып, кыргыз ад-ты м-н иск-восунун Москвада өткөн 2-декадасында (1958) көрсөтүлгөн (Анар — Б. Бейшеналиева, А. Хандранова, Кадыр — У. Сарбагышев, Багыш—А. Карасев, Б. Суслов, балетмейстери — Н. С. Холфин, дирижёру — К. Молдобасанов, сүрөтчүсү — А. Молдохматов). «А.» азыркы күнгө чейин театрдын сахнасында коюлуп келе жатат.



«Анар» балети. Анар — СССР эл артисти Бүбүсара Бейшеналиева.

АНАРБАЕВ Ахмед Алиевич (1948-ж. т.) — СССР спортунун сууда сүзүү б-ча мастери. А. 1961-ж. машыга баштап, мастерлик нормаңы (1966) аткарган. СССР элдеринин 4-спартакиадасында (1967) 5-орунду алган. 19-Олимпиадалык оюндарга (1968) СССР-дин курама командасынын составында катышып, Европанын кубогу үчүн болгон 4×200 *м* эстафеталык сүзүүдө алтын медалга жетишкен. Бүткүл дүйн. Универсиадада (1970) эки күмүш медаль м-н сыйланган. Барселона ш-да өткөн Европанын биринчилигинде 2-орунга чыккан. Кыр-нда сууда сүзүү б-ча жыйырмадан ашык рекорддун ээси.

АНАРОВ Айтбай (1904-ж. т.) — Ош обл-нын Араван р-нундагы «Комсомол» к-зунун пред-ли (1936). Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Персоналдык пенсионер. А. 1930-ж. колхозго кирип, 1930—36-ж. «Ачы», «Комсомол» к-здорунда башкарманын пред-лиинин орун басары болуп иштейт. А. жетекчилиги м-н чарба чыңдалып, пахта эгилүүчү аянт көбөйүп, бардык а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулаган, коомдук малдын саны өсүп, продуктуулугу көбөйгөн. Ал Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



А. Анаров.



Алля Анаров.

АНАРОВ Алля (1907-ж. т.) — Кыр-ндагы колхоз өндүрүшүнүн көрүнүктүү ишмери, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1951). 1939-жылдан КПССтин мүчөсү. 1936—51-ж. Ош обл-нын Араван р-нундагы азыркы «Коммунизм» к-зунун звено башчысы, 1951—62-ж. колхоздун талаачылык бригадасынын бригадири, 1967—68-ж. «Пахтачы» с-унун пахтачылык бригадасынын бригадири болгон. А. уюштуруучулук шыгынын, пахта өстүрүүдөгү устаттыгынын ж-а өзгөчө мыкты эмгегинин натыйжасында пахтанын рекорддук түшүмүнө ээ болгон. Ал жетекчилик кылган звено 1948-ж. 6 *га* аянттын ар гектарынан 100,9 *ц*, 1949-ж. о. эле аянттан 88,5 *ц* ден, 1950-ж. 10 *га* аянттан 74,5 *ц* ден түшүм алууга жетишкен. СССР Жог. Советинин 5-шайл., Кыргыз ССР Жог. Советинин 3—4-шайл. депутаты. А. Кыр-н Компартиясынын съездине бир нече жолу делегат болуп шайланган. А. беш Ленин ордени, Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. 1974-ж. пахтачылык б-ча Анаров атн. реси-калык байге белгиленген.

АНАРХИЗМ (гр. anarchia — бийлик-сиздик) — ил. социализмге кас майда бурж. коомдук-саясий агым. Ал ар кандай мамлекетти, бийликти, анын ичинде пролет. диктатурасын, уюмдашкан саясий күрөштү таанат. Коомдук агым катары 19-к-дын орто ченинде пайда болуп, Испания, Португалия, Франция, Россия өндүү майда буржуазия басымдуулук кылган мамлекеттерде кеңири тараган. А-дин филос. негизи—индивидуализм, субъективизм ж-а волюнтаризм. А-ге англис У. Годвин негиз салган. А. терминин 1-жолу П. Ж. *Прудон* колдонгон. А-дин башкы идеологдору: М. А. Бакунин, П. А. Кропоткин (Россия), П. Ж. Прудон, Ж. Грав (Франция). Анархисттер мамлекетти жок кылып керек деп эсептешкен, бирок кантип жок кылуунун амалын билишкен эмес, рев-чыл пролетариаттын мамлекет бийлигинен пайдаланышын ж-а пролет. диктатурасын четке кагышкан, бурж. мамлекетти пайдалануу жолу м-н пролетариатты рев-ига даярдоо зарылдыгын танышкан. А-дин бир көрүнүшү — прудонизм 1-*Интернационалдын* конгрессинде пделык жактан талкалангандан кийин, анархисттер бакунизмди туу кылып алыш-

кан. Бакунинчилер прудонизмди жандандырууга аракеттенишип, ырк бузар иштерди жүргүзүшкөн. I-Интернационалдын Лондон конф-ясында, Гаагада өткөн конгрессинде бакунизмге олуттуу сокку урулуп, Бакунин ж-а анын тарапкерлери I-Интернационалдан чыгарылган.

Россияда А. 60-жылдарда пайда болгон. Бакуниндин анархисттик идеясына таасирленген көпчүлүк народниктер өкмөткө каршы күрөштү ж-а парламентаризмди танышкан, бардык жерде дыйкандардын стихиялуу көтөрүлүшү чыгат деп ишенишкен. Бирок алардын ишеними актаган жок. 80—90-жылдарда Россияда А-дин ролу кескин төмөндөдү. 19-к-дын 2-жарымында анархисттер террористтик иштерди, саботаждыкты уюштуруп, пролетариаттын саясий күрөшүнө ж-а партиясына, эзүүчүлөргө каршы күрөштө парламентти пайдалануурага каршы чыгышып, соц. кыймылга олуттуу зыян келтиришкен. Ушул сыяктуу көз караштары ж-а иш-аракеттери үчүн анархисттер 2-Интернационалдан чыгарылган. К. Маркс м-н Ф. Энгельс «Ыйык үй-бүлө», «Немец идеологиясы», «Философиянын жакырчылыгы», В. И. Ленин «Анархизм жана социализм», «Мамлекет жана революция» деген эмгектеринде А-дин таптык маңызын терең ашкерелешкен. Улуу Окт. рев-ясынын натыйжасында орногон Совет мамл-ин кастык м-н кабыл алышкан айрым анархисттер Совет бийлигине каршы чыгышкан бандалардын катарына кошулуп кетишкен. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында А-дин негизинде анархо-синдикалисттик майда бурж. оппортун. агым пайда болгон. Азыркы кезде Италияда, Испанияда, Латын Америкасында А-дин саркындылары аздыр-көптүр бар.

АНАРХО-СИНДИКАЛИЗМ — эл аралык жумушчу кыймылдагы анархизмдин идеол. ж-а саясий таасирине чалдыккан майда бурж. оппортун. агым. 19-к-дын аягында Францияда пайда болуп, кийин Италияга, Испанияга ж-а Лат. Америка өлкөлөрүнө таралган. Бул көп өлкөлөрдө «оппортунизмдин, реформизмдин, парламенттик кретинизмдин түздөн-түз ж-а шексиз натыйжасы болду» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 13-т., 177-б.). А.-с. жумушчу кыймылында пролет. партиянын жетекчилик ролун, пролет. диктатурасынын зарылдыгын танат. А.-с. жумушчулар саясий күрөшсүз деле өз абалын жакшыртууга, капитализмди кулатууга жетише алышат деп, пролет. уюмдун эң жог. формасы саясий партия эмес, профсоюздар, синдикаттар деп, ал эми буржуазияга каршы күрөшүү жолу бойкот, саботаж, экон. стачка деп түшүндүрөт: рев-чыл күрөшсүз эле профсоюздар капитализмди жок кылып, өндүрүштү башкаруу тизгинин өз колуна ала алышат деп эсептешет. Россияда А.-с. тенденциялары 1905—07-жылдагы рев-я жеңилип калгандан кийин, парт. эмес жумушчу съездин чакыруу ж-догу ураандан ж-а профсоюздардын «калыстыгын» жарыялоо тууралуу меньшевиктердин сунуштарынан байкалган. РСДРПнин 5-съезди (1907) бул зыяндуу идеяларды ашкерелеп, профсоюздар ж-догу большевиктик рез-яны кабыл алган. Улуу Окт. рев-ясынан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүүгө өтүү мезгилинде А.-с. «жумушчу оппозициясы» деп аталган платформадан көрүнгөн. Бул оппозиция профсоюздарды Компартияга каршы койгон. РКП(б)нин 10-съезди (1921) анархо-синдикалисттик «жумушчу оппозициясын» айыптаган. Идеалисттик философияга негизделген А.-с-дин идеяларын марксизм-ленинизмден чегинген азыркы кездеги ревизионисттер колдон жатышат. Бүткүл дүйнөнүн коммунисттери м-н жумушчулары тынчтыктын, демократиянын, социализмдин позицияларын чыңдоо максатында анархо-синдикалисттик көз караштарга каршы күрөшүп жатышат.

АНАСТАСЯН Сергей Нерсесович (1902-ж. т., Мардакерк р-ну, Азерб. ССР) — сов. эпизоотолог, вет. илимд. доктору (1954), проф. (1955), Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиц. ишмери (1974). 1956-жылдан КПССтин мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Казань вет. ин-тун (1931), анын алдындагы аспирантураны (1935) бүтүргөн. 1935—38-ж. Казань ил. из. вет. ин-тта ил. кызматкер, 1938-жылдан К. И. Скрябин атн. Кырг-н а. ч. ин-тунун эпизоотология ж-а паразитология кафедрасынын башчысы. Ал 70тен ашык ил. эмгектин автору. Малдын кара өпкө, шарп сыяктуу ыландары б-ча изилдөө ишин жүргүзүп, аларга каршы күрөш чараларын иштеп чыккан. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Азыркы шартта шарпка каршы күрөшүү, Фр., 1964; Инфекционная плевропневмония коз, Фр., 1954.

АНАТАЗ (гр. anatasis — созуу), октаэдрит — титан көш кычкылынын (TiO_2) жаратылыштагы үч полиморфтук модификациясынын бири; минерал. *Тетрагон системасында* кристалданат. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5,5—6,0. Салыштыр. салм. 3,82—3,95. Өңү кара көк, кара күрөң, сары, алмаз сымал жалтырайт. 620—650°С темпрага чейин ысытса, *рутилге* айланат. А. гидротермалык хрусталдуу таранда, метаморфизмделген тоо тектерде, кээде ильмениттин бузулушунан пайда болгон продукт катары жолугат.

АНАТОЛИЯ — Түркиянын К. Азия ж. а-да жайгашкан негизги бөлүгү; байыртан бери (б. з. ч. 5—4-к.) К. Азиянын аты. 20-к-дын 20-жылдарынан Түркиянын Азия бөлүгү бүт бойдон А. болуп аталып калды.

АНАТОЛИЯ БӨКСӨ ТООЛОРУ — Түркиядагы К. Азия тайпак тоолорунун ички бөлүгү. Түндүгүнөн Понт, түштүгүнөн Тавр тоолору м-н чектешет. Уз. 700 *км*, туурасы 400 *км* ге жакын. Негизинен палеоген ж-а меоген чөкмө тектеринен турат. Антропоген мезгилиндеги тектоникага байланыштуу пайда болгон көптөгөн өчкөн жанар тоолор кездешет. Тоонун үстү тегиз келип, айрым чокулары 2000 *м* ге жетет. Климаты субтропиктик, континенттик, жылдык жаан-чачыны 200 *мм*, чет жактарында 350—500 *мм*. А. б. т-нун түндүгүнөн Кызыл-Ирмак, Сакарья ж. б. дарыялар агып өтөт. Жери боз ж-а күрөң топурактуу. Тикенектүү майда бадалдар өскөн курак талаалар м-н жарым чөлдөр басымдуулук кылат.

АНАТОМИЯ (гр. anatome — тилип-кесүү, мууна ажыратуу) — бүтүн организм м-н системанын, айрым органдардын түзүлүшү ж-а формасы ж-догу илим. А. жалпы биологиянын морфол. бөлүмүнө кирет. Ал жаныбарлар (зоотомия), анын ичинде адамдар (антропотомия) ж-а өсүмдүктөр (фитотомия) А-сы болуп бөлүнөт. Адамдын мүчөлөрүнүн түзүлүшүн, алардын аракетин билбей туруп, оорулуу же таза адамдын денесинде боло турган өзгөрүүлөрдү түшүнүү мүмкүн эмес. А.— байыркы илим. Ал адамдын денесин ж-а аны түзүүчү мүчөлөрдүн аткарган милдеттерин, өзгөрүү закондорун, аларга айлана-чөйрөнүн тийгизген таасирлерин иликтеп келген. Кытай императору Гванг Ти (б. з. ч. 3 миңинчи ж.) сүрөттөрү бар «Дарылоо» деген А. китебин жазган. Байыркы индустардын «Билим» аттуу китебинде адамдын денесинде 500 булчуң, 90 тарамыш, 900 байламта, 24 нерв, 9 мүчө ж-а 400 кан тамыр бар экендиги көрсөтүлгөн. Байыркы Египет окумуштуулары да адамдын А-сын жакшы билгендиктен, олгон адамдын денесин ар түрдүү жолдор м-н бальзамдап кургатышкан. О. кылымдагы А-нын өсүшүндө Авиценнанын эмгеги зор. Россияда А. 17-к-дан өнүгө баштайт. Петербургда Петр I-нин демилгеси м-н башкы деңиз госпиталдарында өлгөн адамдардын денесин союп, анын түзүлүшүн окуп-үйрөнүү иши башталган. 18-к-да орус окумуштуулары М. И. Шеин, А. И. Протасов, Н. И. Пирогов, П. Ф. Лесгафт, Д. И. Зерновдор А-ны өнүктүрүүгө көп аракет кылышкан. Сов. көрүнүктүү анатомдор В. Н. Тонков, В. Н. Шевкуненко, Г. М. Иосифов, Г. И. Карузин, М. Ф. Иваницкий ж-а В. П. Воробьевдор А. илимин дүйнөдө эң жог. деңгээлге көтөрүштү. Адамдын А-сы топогр., салыштырма, пластикалык, функционалдык ж-а патологиялык болуп бөлүнөт. Сов. анатомдордун катарында ири окумуштуулардан Д. А. Жданов, В. В. Куприянов, Д. М. Голуб, Г. Е. Островерхов, Б. В. Огнев, М. Г. Пирвес, С. С. Михайлов ж. б. эмгектенип жатышат. СССРдин анатомдору гистолог ж-а эмбриологдор м-н бирдикте Бүткүл союздук анатомдордун, гистологдордун ж-а эмбриологдордун ил. коомун түзүшөт. А. б-ча изилдөөлөрдүн негизги жыйынтыгы «Архив анатомии, гистологии и эмбриологии» (1916-ж. негизделген) журналына жарыяланып турат.

АНАУ — алгачкы дыйканчылыктын калдыктары сакталып калган Ашхабадга жакын жердеги шаар урандысы. А-пун энеолит ж-а коло дооруна таандык табылгалары кеңири белгилүү. Дөбөлөрдү казганда, чийки кыш-тан салынган курулуштардын дубалдарында жазуулардын калдыктары, коош жез буюмдар, карапа идиштер, аялдардын ж-а айбандардын статуэткалары ж. б. табылган. Р. Помпелли жетекчилик кылган 1904-ж. амер. экспедиция А-ну 4 комплекске бөлөт. А-1 ж-а А.-2 б. з. ч. 5—4-к-га, А.-3 б. з. ч. 3—2-к-га, А.-4 б. з. ч. 10—4-к-га таандык. А. мад-ты О. Азия элдеринин айрым урууларында дыйканчылыктын эрте пайда болгондугун далилдейт. Археологдор тарабынан Намазга-Дөбө, Геоксюр, Кара-Дөбөдө жүргүзүлгөн казуулар А. мад-тын түзүүчүлөрүн тарыхын үйрөнүүгө кошумча маалыматтарды берүүдө.



Анау. Оймо, сүрөт салынган карапа идиштер жана алардын сыныктары (б. з. ч. 6-миң жылдык).

АПАЭРОБДОР (*а...* ж-а *аэробдор*) — орг. ж-а орг. эмес заттар составдык бөлүктөргө ажыраганда бөлүнүп чыккан энергияны тиричиликке пайдаланып, кычкылтексиз шартта өсүп-өнүүчү организмдер. «А.» деген терминди илимге А. Пастер 1861-ж. киргизген. А. облигаттуу ж-а факультативдүү болуп бөлүнөт. Облигаттуу же чыныгы А-го селейменди, газ гангренасын пайда кылуучулар, кээ бир стрептококтор, адамдын ж-а жаныбарлардын ичегисинде ар кандай жараттын аба кирбеген терең-инде көбөйүүчү микробдор кирет. Булардын өсүшү үчүн сөзсүз кычкылтексиз шарт керек. Факультативдүү А. кычкылтектүү шарттарда да өсө алат. А. жаратылышта (топуракта, деңиз терең-инде ж. б.) кеңири таралган, ал орг. эмес заттардын өзгөрүү процессинде чоң мааниге ээ.

АНАЭРОБДУК ИНФЕКЦИЯ — анаэроб оору козгогучтарынан пайда болуучу оорулардын тобу. «А. и.» деген термин көбүнчө газ гангрена оорусун түшүндүрөт. А. и. о. эле селейме, ботулизм ж. б. ооруларды пайда кылат.

АНГАР (фр. hangar) — самолётту, вертолётту сактоо, тех. тейлөө ж-а өндөө үчүн курулган жай. Ал А.-сактагыч ж-а А.-устакана болуп бөлүнөт. А.-сактагычта самолёт, вертолёт турат, запас бөлүктөр сакталат, тех. тейлөө жумуштары аткарылат. А.-устакана-да самолётту, вертолётту, авиа кыймылдаткычтарды өндөйт. Колдонулушуна жараша туруктуу, убактылуу ж-а жыйналма А-лар курулат. А. 4 бурчтук формасында болуп, чоң аянтты ээлейт, бир эле убакытта 2—3 самолётту тейлейт.

АНГАРА — РСФСРдин Иркутск обл. м-н Красноярск крайындагы дарыя, Енисейдин оң куймасы. Уз. 1779 *км*, алабынын аянты 1039 миң *км*². Байкал көлүнөн агып чыгат. Иркутск м-н Братск ГЭСтеринин курулушуна байланыштуу А-нын жог. агымы суу сактагычтарга айланган. Өрөөндүн туурасы 3—10 *км* (Матыгино тушунда 10 *км* ге чейин). Ири куймалары: Илим, Чадобец, Иркинеева (оң), Иркут, Китой, Белая, Ока, Ия, Тасеева (сол). Көлдөн тышкары А. кар ж-а жаан сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы Иркутск ГЭСинде 1700 *м*³/*сек*, чатында 4500 *м*³/*сек*. Төменкү агымы октябрдын аягы — ноябрдын башында, Братск суу сактагычында нояб.— декабрда тоңот, башкы агымы ондогон *км* ге чейин тоңбойт. Майдын башында ачылат. Усть-Илим ГЭСи курулуп жатат. Братск ш-нан Байкалга чейин кеме жүрөт. Негизги пристандары: Иркутск, Ангарск, Балаганск, Братск. Балыкка бай (стерлядь, осетр, харпус ж. б.).

АНГАРА КАСКАДЫ — СССРдин Ангара д-дагы ири ГЭСтеринин тизмеги. Ангара д-нын суу энергиясын пайдалануу максатында анда жалпы кубаттуулугу болжол м-н 14 *Гвт* (млн. *квт*) 6 ГЭС куруу белгиленген. Арзан электр энергиясын алуу үчүн жер шарты эң ыңгайлуу. Бул каскаддын тунгучу — Иркутск ГЭСи 1958-ж. пайдалануурага берилген. Кийинчерээк Братск ГЭСи курулду, анын кубаттуулугу 1966-ж. 4,1 *Гвт* га жеткен. Андан кийин Сухов, Тельмин ГЭСтерин куруу белгиленген. 1969-ж. Усть-Илим ГЭСи ишке берилген, ал жылына 21,8 *Гвт/с* электр энергиясын иштеп чыгарат. Акырында Богучан кыштагына жакын жерде Богучан ГЭСи курулмакчы. А. к. электр энергиясын арбын керектөөчү алюминий, титан, магний ж. б. хим. элементтерди иштетүү Ангара д-ныи боюндагы ө. ж. комплексинин өнүгүшүнө негиз болуп, Борб. Сибирдин бирдиктүү энергет. системасынын башкы түйүнүн түзөт.



Н. К. Ангаров.



П. Н. Ангелина.

АНГАРМОНИКАЛЫК ТЕРМЕЛҮҮ — формасы б-ча *гармоникалык термелүүлөрдөн* айырмаланган мезгилдүү термелүү. Гармоникалык термелүү монохроматикалык, б. а. анын спектринде бир гана чоңдуктагы жыштык (спектрдин бир сызыгы) болот. Ал эми А. т-нүн спектри негизги тондон башка анын жыштыгына эселүү болгон бир нече жог. жыштыктагы гармоникалык термелүүлөрдү ичине алат. Демек, А. т-нү эң төменкү ж-а жог. жыштыктардагы гармоникалык термелүүлөрдүн суммасы катары кароого болот. А. т-нүн формасы гармоникалык термелүүнүкүнөн канчалык көп айырмаланса, спектринде түзүүчүлөрдүн саны ошончолук көп болот. Жаратылышта ж-а техникада кездешүүчү бардык термелүүлөр А. т-лөр болот, анткени ар кандай системаларда гармоникалык термелүүлөрдүн пайда болуусуна зарыл шарттар өзүнөн-өзү түзүлбөйт.

АНГАРОВ Николай Константинович (1914-ж. т.) — орус совет актёру ж-а театр ишмери. Казак ССР (1956) ж-а Кыргыз ССР эл артисти (1974). 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. Сахалык ишмердиги 1933-ж. башталган. 1949-жылдан Уралдагы (Казак ССРи) облась аралык театрда актёр. 1960-жылдан бери Фрунзедеги Н. К. Крупская атн. орус драма театрында директор ж-а актёр. Аткарган ролдору: Омор (Т. Абдумомунов, «Даттануурага болбойт»), Линьков (Соболев, «Кожоюн»), Крутояров (Н. Погодин, «Ишеним»), Корчевой (Тумановская, «Дачадагы туюк жер»), Данкевич (Д. Гранин, «Чагылганга аттандым»), Феодор Леонидович (Собко, «Менин сырымды сактагыла») ж. б.

АНГАРСК — РСФСРдин Иркутск облдагы шаар. Иркутск ш-нан 50 *км* түн.-бат. тарапта, Кита д-ныи Ангарага куйган жеринде. Калкы 204 миң (1970). А.— Иркутск-Черемховск ө. ж.

р-нунун борбору. Ири нефтхимия комбинаты иштейт (нефть өткөргүч түтүк аркылуу Башк-н ж-а Тат-дан келет). Электр мех. з-д, жыгач иштетүүчү ишканалар, тигүү ф-касы, эт комбинаты, Иркутск политех. ин-тунун филиалы, политехникум, кечки жеңил ө. ж. техникуму, мед. окуу жайы бар.

АНГЕЛДЕР — *Византия* императорлорунун династиясы (1185—1204). А. бийликке Андроник 1 Комнинди кулаткандан кийин келишкен. Алар ички ж-а тышкы саясий кырдаал татаал болуп турган мезгилде бийлик жүргүзүшүп, провинциялардын сепаратизмин (бөлүнүүгө умтулуусун) жоё алган эмес. А. чиновник ак сөөктөргө таянышкан, ал эми чиновниктердин өзүмчүлдүгү ж-а эки жүздүүлүгү бул династия тушунда чегине жеткен эле. Акыркы А. колдогон крестоносецтерди Константинополь калкынын жек көргөндүгү 1204-ж. 28-январда бул династиянын кулашына алып келди.

АНГЕЛИНА Прасковья Никитична (12. 1. 1913—21. 1. 1959) — СССРде 1-жолу аялдардан трактор бригадасын уюштуруучу, анын башчысы, коомдук ишмер. Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1947, 1958). 1937-жылдан КПССтин мүчөсү. 1929-ж. трактористтер курсун бүтүп, Донецк обл-дагы Старо-Бешевск МТСинде тракторист болуп иштеген. 1933-ж. МТСте аялдардан атайын трактор бригадасын түзүп, ага 25 жыл бою жетекчилик кылган. 1938-ж. сов. бардык аялдарга: «Жүз миң курбу-курдаш, трактор айдоого чыккыла!» деген үндөө м-н кайрылган. Аны 200 миңден ашык аял кубаттаган. 1940-ж. Москвадагы Тимирязев атн. а. ч. академиясын бүтүргөн. СССР Жог. Советинин 1—5-шайл. депутаты. КПССтин 18—21-съезддеринин делегаты, үч Ленин ордени ж-а Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1946). «Колхоз талаасындагы адамдар» (1948) деген китептин автору.

АНГИДРИДДЕР (гр. anhýdros — суусуз) — суу м-н биригип кислота пайда кылуучу кычкылдар. А. туруксуз кислоталардын ажыроосунан ($H_2CO_3 = H_2O + CO_2$), жөнөкөй заттарды күйгүзүүдөн ($4P + 5O_2 = 2P_2O_5$) алынат. Орг. эмес А. нымды жакшы сиңиргендиктен кургаткыч катарында (айрыкча фосфор А. P_2O_5) колдонулат.

АНГИДРИТ — суусуз сульфаттарга кирүүчү минерал. Хим. формуласы $Ca(SO_4)$. *Ромб системасында* кристаллданат. Өңү ак, бозомук, көгүш, кызгылт. Майда бүртүкчөлүү көгүш түрү вульпинит же бергам мрамору деп аталат. Айнек сымал жалтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3—3,5. Салышт. салм. 2,8—3. Сууга тийсе, ным тарткандыктан, көлөмү 30%ке чейин чоңоюп, *гипске* айланат. А. негизинен чөкмө түрүндө, кээде гидротермалык жол м-н пайда болот. Жер семирткич катарында, цемент даярдоодо ж-а коздук үчүн майда буюмдарды жасоодо колдонулат.

АНГИНА (лат. ango—кысамын, муунтамын) — көбүнчө алкым бездеринин сезгенүүсүнөн келип чыккан жугуштуу оору. А-ны көбүнчө стрептококк козгойт. Кичинекей балдар ж-а өспүрүмдөр көп ооруйт. А. организм суукка урунганда ж-а алкым бездери өнөкөт сезгенгенде пайда болот. Жеңил түрү — катаралдык А-да оорулуунун алкым бездери шишип, кызарып, кургап, жутканда ооруп, темп-расы көтөрүлөт. Оору 3—5 күнгө созулат. А-нын лакунарлык түрүндө оорунун бардык белгилери күчөп, башы ооруп, лакуналарда ириң пайда болот. Фолликулярдык А. капысынан башталып, оорулуунун темп-расы көтөрүлөт (39—40°C), башы, буту-колу, өзгөчө тамагы катуу ооруп, жалпы абалы начарлайт. Бездердин фолликулалары ириңдейт, эгер организмдин ага туруштугу начарласа, анда анын тегерегиндеги булчуңдар да сезгенип, *абцесс* пайда болот. Абцесске айланганда, операция жолу м-н дарылоо жүргүзүлөт. А. өнөкөт түрүнө өтүп, кайталанып кармай берсе, анын кабылдоосу бөйрөк, жүрөк ж-а муундун ооруларын, өзгөчө кызыл жүгүрүк оорусун пайда кылуусу мүмкүн. Дарылоодо төшөккө жаткыруу, жылуу ж-а суюк тамак берүү м-н сульфаниламиддер, антибиотиктер, витаминдер колдонулат. Ооруну алдын алууда организмди бышыктыруунун ролу чоң.

АНГИОГРАФИЯ (гр. angéion — кан тамыр, rgaphó — жазуу) — ар кандай органдардын (өпкө, жүрөк, мээ, боор, бөйрөк ж. б.) кан тамырларын рентгендик жол м-н текшерүүдөгү атайын ыкма. А-ны жүргүзүү үчүн текшериле турган кан тамырларга же органдын өзүнө ийне же ичке зонд (түтүкчө) аркылуу контрастуу (даана көлөкө берүүчү, организмге зыянсыз) заттар куюлгандан баштап, алгачкы секундаларда бир канча рентгендик сүрөт тартылат. А. ар кандай органдардын кан м-н жабдылышын изилдеп, алардагы кан тамырлардын ооруларын табууда колдонулат.

АНГИОМА (гр. angéion — түтүкчө, тамыр, oma — шишик) — кан же лимфа тамырларынан өсүп чыккан зыянсыз шишик. А. эненин ичиндеги бала түйүлдүгүнүн кан тамыр системасынын өсүшүнүн бузулушунан, көбүнчө теринин кан тамырларында пайда болот. А. өспүрүм балдарда көп кездешет. Дарылоодо операция, рентгендик радиотерапия колдонулат.

АНГИОНЕВРОЗ (гр. angeion — ж-а *невроз*) — кан тамырларды тейлөөчү нервдердин иштешинин бузулушу. А. менен ооругандар күтүлбөгөн жерден бозоруп же кызарып, шишимек тартып, тердеп, эсинен танат. Ал невроз ж-а психоздордо байкалат.

АНГЛЕЗИТ (Англиядагы Англиси а-нын атынан), к о р г о ш у н к у п о р о с у — сульфаттар классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы $Pb[SO_4]$. *Ромб системасында* кристаллданат. Өңү ак келип, саргыч же жашыл түстөр кошумчаланып турат. Алмаз сымал жалтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2,5—3. Салышт. салм. 6,4. Негизинен коргошун-цинк сульфид кендеринин кычкылдануу зоналарында галениттин өзгөрүшүнөн пайда болот. А.— коргошундун негизги рудасы.

АНГЛИС ТИЛИ — Улуу Британия, Ирландия (ирланд тили м-н катар), АКШ, Канада (француз тили м-н катар), Австралия, Жаңы Зеландия, Түш. Африка ж-а Индияда (бир аз бөлүгүндө) оозеки речте колдонулуучу ж-а мамл. иш жүргүзүүнүн, адт-тын ж-а илимдин тили. Бул тилде 200 млн-го жакын адам сүйлөйт. ООНдо официалдуу кабыл алынган беш тилдин бири. Индоевропа тилдеринин бат. герман тобуна кирет. А. т. 5—6-к-да кельт урууларын сүрүп, Британияга көчүп келип жайгашкан герман урууларынын (англ-сакс ж-а ют) тилдеринен өнүккөн. А. т-нин тарыхы байыркы (7—11-к.), орто (12—15-к.) ж-а жаңы (15-к-дан бери) болуп үч мезгилге бөлүнөт. Ортоңку А. т. 1066-ж. нормандардын Англияны басып алышына байланыштуу эки тилдүүлүктүн натыйжасында (ал кезде Англиянын эли англосакс диалектинде сүйлөшсө да, француз тили мамл. тилдин милдетин аткарып, билимдүү катмарлар ошол тилде сүйлөшкөн) өнүккөн. Орто тилинде флексиялардын бардыгы басымсыз болгондуктан, басымсыз үнсүздөрдүн сыйлыгышып түшүшү анын морфол. түзүлүшүнүн жөнөкөйлөшүнө таасирин тийгизген. Англияда (1476) китеп басып чыгара баштоо ж-а сабаттуулуктун жайылышы бул мезгилдин аягында лондон диалектинин жазма тил катары колдонула баштоосун шарттаган. Англис тилинин жаңы мезгилинде улуттук тили андан ары да өөрчүйт. Англиянын колониялык экспансиясы күч алганда (17—18-к.), А. т. Америка, Австралия ж-а Азияга таралат. А. т-нин брит. ж-а амер. деп аталган негизги эки түрү бар. Б р и т а н и я л ы к А. т. шотландиялык, түн., борб., бат., чыг. ж-а түш. диалектилерине бөлүнөт. А м е р и к а л ы к А. т-де диалектилер жок. А. т-деги алгачкы жазма эстеликтер б. з. 7-к-да рун алфавити м-н ташка, сөөккө, жыгачка оюлуп жазылган. Британияга христиан дини таралганда, 7-к-да эски рун алфавитин латын алипбеси сүрүп чыгарып, ошондон бери латын алфавити колдонулуп келе жатат. Азыркы А. тили байыркы А. тилинен айырмаланып, аналит. тилдердин тибине кирет. Сөздөрдүн мааниси сөз тизмектери ж-а кызматчы сөздөр аркылуу айырмаланат. А. т-де сөз өзгөртүү мүчөлөр анча-мынча гана. А. т-нин жазуу эрежелери м-н сөздөрдүн айтылышынын арасында орчундуу айырмалар бар (А. т-нин орфогр. эрежелери б-ча кийинки англис ж-а жаңы англис тилдериндеги тыбыштык өзгөрүүлөргө жазууда жол берилбейт).

Ад.: Б р у н н е р К., История английского языка, пер. с нем., т. 1—2, М., 1955—56; С м и р н и ц к и й А. И., Древнеанглийский язык, М., 1955; е г о ж е, Лексикология английского языка, М., 1956; Т о р с у е в Г. П., Фонетика английского языка, М., 1950; Я р ц е в а В. Н., Историческая морфология английского языка, М.—Л., 1960; её ж е, Исторический синтаксис английского языка, М.—Л., 1961; М ю л л е р В. К., Англо-русский словарь, 13 изд., М., 1967; Русско-английский словарь, под ред. проф. Р. К. Даглиша, М., 1967; К у н и н А. В., Англо-русский фразеологический словарь, [кн.] 1—2, 3 изд., М., 1967.

АНГЛИЧАНДАР — улут, Улуу Британиянын негизги калкы. Саны 45,0 млн-го жакын (1971). А. Ирландияда, Британ а-дарынан тышкаркы англ. колонияларда, доминиондордо ж. б. өлкөлөрдө жашайт. А. ар түрдүү этникалык элементтердин узак убакыт ассимиляцияланышынан ж-а аралашуусунан чыккан. Британ а-даларында жашаган эң байыркы уруулардын бири кельттер (бриттер ж. б.) болгон. Б. з. 5—6-к-да бул аралга англ, сакс, ют сыяктуу герман уруулары көчүп келген. 1066-ж. Англияны нормандардын жеңип алышы — А-дын этникалык тарыхындагы маанилүү окуялардын бири. Өлкөдө франктар м-н нормандар үстөмдүк жасашып, калктын англ-саксон тилинде сүйлөгөнүнө карабастан, француз тили официалдуу тил болот. Англ-сакстар м-н нормандыктардын бара-бара аралашып кетиши (13—16-к.) англис тилин пайда кылган. 17-к-да англ. бурж. рев-я англичан улутунун калыптаныш процессин аяктатты.

АНГЛИЧАН-САКС ЖЕҢИП АЛУУЛАРЫ—5—6-к-дарда түн. герм. (англ, сакс, ют ж-а фриз) урууларынын Британияны жеңип алышы. Британияга каракчылык кол салуулар 5-к-дын ортосунан баштап германдардын массалык түрдө Британиянын жээктериндеги р-ндоруна көчүп барышы ж-а ич жагына илгерилеп кириши м-н алмашкан. А.-с. ж. а. мезгилинде бриттердин көпчүлүгү багындырылган же Шотландияга, Уэльске ж-а континентке (азыркы Бретань) сүрүп чыгарылган. 6-к-дын аягында германдык уруулар тарабынан Британиянын көпчүлүк бөлүгү жеңип алынып, Кант, Уэссекс, Суссекс, Эссекс, Чыг. Англия, Нортумбрия, Мерсия сыяктуу бир топ королдуктар пайда болгон.

АНГЛИЯ — Улуу Британиянын адмн.-саясий бөлүгү. А. деп 5—6-к-дарда Британиянын терр-ясына көчүп келген герман уруусу англдардын атынан аталып калган. А. деп кээде бүткүл Улуу Британиянын Бириккен Королдугу м-н Түн. Ирландияны да аташат. Улуу Британиянын аянтынын 54%, калкынын 83% А-га туура келет. Аянты 131 миң *км²*. Калкы 46,1 млн. (1969). А. 48 адмн. графствого бөлүнөт. Борбору — Лондон. Улуу Британиядагы шаарлардын 70% ж-а ө. ж. жумушчуларынын 85% А-да топтолгон. Улуу Британиядагы көмүр ж-а темир кенинин дээрлик баары А-да. Машина куруу, химия, тамак-аш (Лондон, Манчестер, Ливерпул), кара металлургия, оор машина куруу (Шеффилд, Дерби), болот эритүү, металл иштетүү (Бирмингем), көмүр казып алуу, кеме куруу (Ньюкасл, Мидлсбро), кездеме токуу (Брадфорд, Лидс), ж. б. ө. ж. тармактары өнүккөн. Улуу Британиядагы айдоо аянттын 2/3 бөлүгү буудай, арпа, кант-кызылчасынын 9/10, үйдүн 2/3 ж-а кой м-н канаттуулардын 1/2 бөлүгү А-га туура келет. Транспорттун бардык түрү өнүккөн. Ири порттору: Лондон, Ливерпул, Манчестер, Саутхемптон, Халл, Бристоль ж. б. А-нын жаратылышы, тарыхы, экономикасы, мад-ты ж-до, к. *Улуу Британия.*

АНГЛИЯ-АМЕРИКА СОГУШУ (1812—14) Англиянын АКШнын соодасын, экономикасын үзгүлтүккө учуратууга ж-а АКШнын башкаруучу чөйрөлөрүнүн Канаданы басып алып, өз ээликтерин кеңейтүүгө умтулушунун натыйжасында келип чыккан. Англия флотунун Американын кемелерин басып алышы согушка шылтоо болот. 1812-ж. 18-июнда АКШ Англияга согуш жарыялайт. Амер. катерлер деңизде англ. кемелерге олуттуу зыян келтирет. Англичандар деңиздеги күчүнүн көптүгүнөн пайдаланып, АКШнын жээктерине чабуул коюп ж-а 1814-ж. 24-июлда аскер түшүрүп, Вашингтонду басып алып, шаардын көп жерин өрттөп жиберет. Согуш АКШнын көз каранды эместиги үчүн америкалыктардын жүргүзгөн күрөшүнө айланат. Амер. аскерлер бир топ жеңиштерге ээ болуп, 1814-ж. 24-декабрда Гент договору түзүлүп, согушка чейинки абал калыбына келтирилген.

АНГЛИЯ-БИРМА СОГУШТАРЫ (1824—26, 1825 ж-а 85)—Англиянын Бирманы колония кылуу үчүн жүргүзгөн баскынчы согуштары. Б и р и н ч и А.-Б. с-и 1824-ж. 5-мартта англ. Ост-Инд компаниясы баштаган. Маха Бандула башчылык кылган Бирма армиясы катуу каршылык көрсөтүп, англиялыктарга олуттуу сокку урган. Кийин англ. аскерлер зор жоготууга учураса да, Бирманын борбор шаары Авыга чейин кирип барып, 1826-ж. 24-февралда Яндабодо кол коюлган договорду таңуулаган. Бул договор б-ча Бирмадан Аракан, Тенассерим ж-а 19-к-дын башында Бирма карап алган Индиянын Ассам ж-а Манипур княздыктары тартып алынган. Бирма эли улам күчөп каршылык кыла бергенден Ост-Инд компаниясы согушту токтотот. Э к и н ч и А.-Б. с. (1852) Ост-Инд компаниясы мон, шан ж-а карен урууларынын көтөрүлүшүнөн пайдаланып, Бирманы жеңип, Пегу обл-ын кошуп алат. Ү ч ү н ч ү А.-Б. с. 1885-ж. 14-ноябрда башталып, Бирманы багындыруу м-н аяктайт. 1886-ж. 1-янв. Бирма өзүнчө провинция болуп Индиянын составына кошулат.

АНГЛИЯ-БУР СОГУШУ (1899—1902) — Англиянын Түш. Африкадагы Бур (Трансваал ж-а Оранжевая) Респ-каларына каршы импер. согушу. Согушту англ. монополисттердин Түш. Африкадагы таламдарын көздөгөн ж-а Кейптаундан Каирге чейин бийлик жүргүзгүсү келген англ. өкмөт чыгарган. Бур Респ-каларында жашоочу англичандарга шайлоо укугун берүү ж-дөгү Англиянын талабын Трансваал президентинин четке кагышы да согуштун чыгышына шылтоо болгон. Согуш 4 жылга созулган. Бурлар англ. аскерлерге катуу каршылык көрсөтүп, куралдарынын, тактикасынын артыкчылыгы м-н адегенде бир катар жеңишке жетишип, кийин баскынчыларга каршы партизан согушуна өткөн. 1902-ж. 31-майда Преторияда тынчтык келишими түзүлүп, ал б-ча Трансваал ж-а Оранжевая Респ-калары Англиянын колониясына айланган. 1910-ж. Бур Респ-каларынын жерлери Түш. Африка Союзунун составына кирген.

АНГЛИЯ-ГЕРМАНИЯ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (1938). Мюнхен келишиминен (1938) кийин Британиянын премьер-министри Чемберлен ж-а фаш. диктатор Гитлер Мюнхенде 1938-ж. 30-сентябрда кол салышпоо ж-дөгү декларацияга кол коюшкан. Декларация СССРге карата фаш. Германиянын агрессиялык аракетине толук эркиндик берген ж-а аны Сов. Союзуна каршы коюу максатында Англиянын, Франциянын, АКШнын башкаруучу чөйрөлөрүнүн фаш. агрессияга дем берүү саясатынын бир актысы болгон. Декларация фаш. Германиянын позицияларын күчөтүп, 2-дүйн. согушту баштоого көмөкчү болду.

АНГЛИЯ-ГЕРМАНИЯНЫН ДЕҢИЗ БОЮНЧА КЕЛИШИМИ (1935)—Улуу Британия м-н фаш. Германиянын аскер-деңиз күчтөрүнүн салыштырма салмагын өзгөртүп, Германиянын аскер-деңиз флотун кайра түзүүгө жардам берген келишим; 1935-ж. 18-июнда түзүлгөн. Германия тоннажы б-ча Улуу Британия империясынын аскер-деңиз күчтөрүнүн 35% не барабар флотко, 45% ке барабар суу алдында сүзүүчү кемелерге ээ болууга укук алган. Келишим Англиянын, Франциянын ж-а АКШнын фаш. агрессияга дем берүүчү саясатынын бири болуп эсептелип, Германиянын Түн., өзгөчө Балтика деңизинде СССРге каршы позицияларын чыңдоого жардам берген. Фаш. Германия келишимди 1939-ж. апрелде 2-дүйн. согушка даярдана баштаганда жойгон.

АНГЛИЯДАГЫ БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ (17-к.) — капитализмдин бекемделишине ж-а Англияда бурж. түзүлүштүн орношуна алып

келген бурж. революция. Ал Европадагы феод. түзүлүштүн кыйрашына ж-а анын капит. формация м-н алмашуусуна жол ачкан. Өндүрүштүн жаңы түрү капит. мануфактура 17-к-дын ортосунда Англиянын экон. өнүгүшүнүн негизин түзгөн. Бирок о. ж. монополияларынын системасы мануфактураны кеңири жайылтууга мүмкүндүк берген эмес. Ошондуктан конкуренцияны ж-а мануфактуралык иш-аракеттерди эркин жүргүзүү принциби бурж. рев-янын башкы талаптарынын бири болгон. Эл массаларынын нааразылыгы, 17-к-дын 20—30-жылдарындагы дыйкандардын ж-а шаардыктардын көтөрүлүшү, Шотландия м-н болгон согушта Англиянын жеңилип калышы рев-янын башталышын тездеткен. Айласы кеткен Карл I *«Узакка созулган парламент»* деген парламентти (3-нояб. 1640-ж.— 20-апр. 1653-ж.) чакырган, өлкөдө рев-я башталган. Узакка созулган парламент 1641-ж. мамл. бийликти алган. 1642-ж. король Карл I ага каршы согуш жарыялаган, роялисттер м-н парламентти жактоочулардын ортосунда 1-гражд. согуш башталган. Парламенттин О. *Кромвель* башкарган армиясы 14-июнда короллдун армиясын талкалап, гражд. согушту 1646-ж. жеңип м-н бүткөн. Дворяндар ж-а буржуазия ушуну м-н рев-я аяктады деп эсептеген. Бирок эл массасы рев-чыл демилгени өз колуна алып, аны демокр. багытка буруугa аракет кылган. Муну басууга умтулган парламент м-н рев-чыл армиянын ортосунда 1647-ж. чыр-чатак башталган. Рев-янын бурж.-демокр. этабында (1647—49) дыйкан-плебей массасы м-н катар армия да анын негизги кыймылдаткыч күчү болуп калган. 1648-ж. жазында 2-гражд. согуш башталган. 1649-ж. 19-майда Англия республика болуп жарыяланып, жог. бийлик бир палатадуу парламентке өткөн. Аткаруу бийлиги Мамл. советке берилген. Чындыгында бул респ-ка индепенденттик олигархия болгон. Эмгекчилердин бир дагы талабы канаатандырылган эмес. Англия Респ-сы Ирландияны кошуп алган (1652). Акыры согуштук диктатура — Кромвелдин протектораты (1653—59) орногон. Ал парламентти таратып, роялисттердин заговорлоруна ж-а элдик кыймылга да каршы күрөшкөн. Испанияга согуш ачкан. Ал режим, Кромвель өлгөндөн кийин (1658-ж. 3-сент.) кулаган. 1659-ж. Англияда респ-ка кайрадан формалдуу түрдө калыбына келтирилген. Англиядагы бурж. рев-я капитализмдин өнүгүшүнө кубаттуу түртүк берген. Саясий жагынан алганда 17-к-дын орто ченindеги эл массасынын рев-ялык күрөшү о. кылымдагы феод. монархиядан жаңы замандагы бурж. монархияга өтүүнү камсыз кылды.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., [Рецензия] Гизо «Почему удалась английская революция? Рассуждение об истории английской революции», Соч., 2 изд., т. 7; Маркс К. и Энгельс Ф., Положение Англии. Восемнадцатый век, ошондо эле т. 1; Ленин В. И., К оценке русской революции, Полн. собр. соч., 5 изд., т. 17; Лавровский В. М., Барг М. А., Английская буржуазная революция, М., 1958.

«АНГЛИЯДАГЫ ЖУМУШЧУ ТАБЫНЫН АБАЛЫ. Өзүмдүн байкоолорум жана даректер боюнча» — Ф. Энгельстин чыгармасы; 1845-ж. Лейпцигде 1-жолу басылып чыккан. Орус тилинде алгач 1884-ж. жарык көргөн. Бул китеп СССРде дээрлик бардык союздук респ-калардын элдеринин тилинде жарыяланды.

«Англиядагы жумушчу табынын абалы» — тарыхты, пролетардык социализмди ж-а пролетардык саясий экономияны матер. жаңыча түшүнүүнүн негизи салынган ил. коммунизмдин алгачкы чыг-ларынын бири. Ф. Энгельс бул китебинде о. ж. пролетариатынын чыгышын талдап, Англиядагы о. ж. тоңкөрүшүнүн маанисин көрсөткөн, жумушчуларды эксплуатациялоо методдорун, алардын турмуш-тиричилигин, материалдык ж-а маданий-моралдык деңгээлин мүнөздөгөн эң көп материалдарды келтирген. Ф. Энгельс бул эмгегинде тоокен о. ж. ж-а а. ч. пролетариатынын чыгышын экон. ж-а турмуш-тиричилик абалын, буржуазиянын пролетариатка жасар мамилесин да көрсөткөн. Англ. жумушчулардын таптык күрөшүнүн өнүгүшүн талдап олтуруп, капитализмге каршы күрөшүүдө жумушчу табы чечүүчү тарыхый роль ойноого тийиш экенин далилдеген. Ал жумушчу кыймылынын, жумушчу союздарынын, стачкалык күрөштүн пайда болушун ж-а өнүгүшүн баяндап, социализмди жумушчу кыймылына байланыштуу ж-а жумушчу табын бирдиктүү улуттук жумушчу армияга баш коштуруу зарылдыгы ж-дө бир катар ойлорун айткан. Ф. Энгельс капитализмди мындайча аёосуз сындоосун бурж. түзүлүштүн сөзсүз ойрон болордугу ж-дөгү корутунду м-н аяктаган. Марксизмдин маанилүү теориялык бул документинде жумушчу кыймылындагы оппортунизмдин социалдык ж-а экон. тамырлары ачык көрсөтүлгөн. В. И. Ленин бул китепти жогору баалаган. «Энгельс,— деп жазган В. И. Ленин,— пролетариат азап тартуучу *гана* тап *эмес;* пролетариаттын экономикалык кордук абалда болушунун дал өзү, аны токтоосуз алга түртөт ж-а аны өзүнүн биротоло бошотондукка чыгышы үчүн күрөшүүгө мажбур кылат, деп *биринчи* айткан» (Чыг., кырг. бас., 1-т., 91-бет). «Англиядагы жумушчу табынын абалында» көтөрүлген теориялык идеялар ил. коммунизмди андан ары иштеп чыгууда маанилүү роль ойногон. Китепте жумушчу табынын саясий кыймылы жумушчуларды социализм үчүн күрөшкө шексиз алып келет деген ой айтылган. Бул китеп ил. коммунизм чыг-ларынын эң негизгилеринен болуп саналат. Ал өзүнүн теориялык ж-а саясий мааниси азыр жоготкон жок.

АНГЛИЯ-ЕГИПЕТ ДОГОВОРУ (1899, 1936, 1954). 1899-жылдагы келишим 19-январда Каирде Суданды биргелешип башкаруу (кондоминиум) ж-дө түзүлгөн. Ал б-ча Чыг. Суданын чындыгында Англиянын колониясына айландырылган. Гражд. ж-а аткаруучу жог. бийликти англ. гражданын Англиянын өкмөтүнүн макулдугу б-ча дайындалуучу (ж-а бошотулуучу) ген. губернатор жүргүзмөк болгон. Бул келишим 1953-ж. жоюлган. 1936-жылдагы Достук жана союздашуу ж-дөгү договордо Лондондо 26-августта кол коюлган. Египетке Италия, Германиянын агрессия жасоо коркунучун пайдаланып, Англия Египетти кулдандыруучу договорду түзүүгө жетишкен. Договордо Египетти оккупациялоону токтотуу ж-дөгү сөз жүзүндө айтылып, ш жүзүндө анын терр-ясында өз аскерлерин карман туруу, египет армиясына контролдук кылуу, согуш учурунда өлкөнүн порттору, аэродромдорун, байланыш каражаттарын англ. командованиеге берүүгө Египетти милдеттендирген. Договорду элдик кеңири кыймылынын кысымы астында Египеттин депутаттар палатасы 1951-ж. 15-октябрда жоюп таштаган. Бирок Англия анын жоюлгандыгын 1954-ж. гана тааныды. Судан жөнүндөгү келишимге 1953-ж. 12-февралда Каирде кол коюлган. Договор Суданда «өткөөл» мезгилди (үч жылдан ашпаган мөөнөттү) белгилеген. Судандан англ. ж-а египеттик аскерлерди чыгарып кетүү, закон чыгаруучу жог. бийликти ген. губернатордун жүзөгө ашырышы керек экени алдын ала каралган. Бул договор 1956-ж. Судан көз каранды эмес мамлекет болуп жарыялангандан кийин күчүн жоготкон.

АНГЛИЯ-ЕГИПЕТ КЕЛИШИМИ (1954) 19-октябрда Каирде кол коюлган. Англ. аскерлерди Суэц каналынын зонасынан 20 айдын ичинде алып кетүүгө макулдашылган, бирок Англияга Суэц базасын дагы 7 жыл пайдалануу, Египетке же башка араб өлкөлөрүнө, Түркияга башка мамлекеттер кол салса, «кайра келүү» укугу берилген. Англ. аскерлерди Суэц зонасынан алып кетүү 1956-жылдын 13-июнунда аяктаган. Бирок Англия 1956-ж. окт.— ноябрда Египетке кол салууга катышкандыктан, Египет өкмөтү 1957-ж. 1-январда бул договорду жоюп, Англияны Египеттеги бардык согуштук-стратегиялык позициялардан ажыратты.

АНГЛИЯ-ИРАН ДОГОВОРЛОРУ ЖАНА КЕЛИШИМДЕРИ (1800, 1809, 1814, 1841, 1857, 1882, 1919). Саясий жана соодо договорунa 1800-ж. 29-декабрда Тегеранда кол коюлган. Договор б-ча Афг-н же европ. державалар Индияга кол салса, Иран аны коргоп чыгууга милдеттенген. Англия Иранды согуш кыралдары м-н жабдууга тийиш болгон. Договор б-ча Англия ж-а Индия көпөстөрү Иранда эркин соода кылууга укук алышкан. 1809-жылдагы договор орус-иран согушунун убагында түзүлүп, Иранды Россия м-н согушун улантууга мажбурлап, Франция м-н Англияга кас башка мамлекеттер м-н мамилесин үздүрүү максатын көздөгөн. 1814-жылдагы договор (25-нояб.) Англия, Индияга кол салса, Иранды жардамга аскер берүүгө милдеттендирген. 1841-жылдагы соода договорунa 28-октябрда кол коюлган. Англия соода жагынан Россия алгандай артыкчылыктарды алган. 1857-жылдагы договорго 4-мартта кол коюлган. Бул б-ча Иран Гераттан аскерлерин чыгарып, Афг-н м-н Гераттын коз карандысыздыгын таанууга милдеттенген. Перс булуңунда кулдарды сатууга каршы күрөшүү ж-дөгү келишимге 1882-ж. 2-мартта кол коюлган. Англиялыктарга Иранын соода кемелерине контролдук кылуу укугун берген. 1919-ж. 9-августтагы келишим б-ча Англия Иранын армиясын кайра уюштуруу, мамл. мекемелерине өзүнүн кеңешчилерин жиберүү ж. б. укуктарын берген. Иранын өкмөтү бул келишимди 1921-ж. февралда жойгон.

АНГЛИЯ-ИРЛАНДИЯ КЕЛИШИМИ (1921), Ирландия респ-касы өкмөтү м-н англ. өкмөттүн өкүлдөрү тарабынан 6-декабрда кол коюлган. 1919—21-ж. Англиянын үстөмдүгүнө каршы Ирландия элинин боштондукка чыгуу согушунун шарттарында түзүлгөн бул договор англ. колониализмдин кризиси ге күбө болгон. Бул келишим боштондукка чыгуу кыймылынын кулач жайышынан ж-а рев-чыл мүнөздүн чочулаган Ирландия өкмөтүнүн өчүлдары м-н англ. империалисттердин ортосунда түзүлгөн келишүү болгон. Келишимге ылайык Түш. ж-а Борб. Ирландия «Ирландиялык мамлекет» деп аталып, доминион укугу берилген. Өлкөнүн түн. бөлүгү Улуу Британиянын составында калган. 1949-ж. Ирландия (түн. бөлүгүсүз) респ-ка болуп жарыяланып, Британ империясынан чыккан. Ирландия эли Ирландия респ-касынын түн. бөлүгүн бириктирүү үчүн күрөш жүргүзүп жатат.

АНГЛИЯ-КЫТАЙ СОГУШУ (1840—1842), биринчи «апийим» согушу — Кытайды өзүнө көз каранды кылып алуу үчүн Англия жүргүзгөн согуш. Англия колонизаторлору ал жылдарда апийим м-н жашырын соода-сатык жүргүзүп, пайда таап турган. 1839-ж. Кытайдын өкмөт комиссары Линь Цзе-сюй англичандарга тиешелүү апийимдин чоң запасын жок кылып жиберген. Англичандар ошого шылтоолоп согуш чыгарган. Алар 1,5 жылдай мезгилде Шанхай, Динхай, Нинбо ж. б. ш-ларды басып алган. Кытайдын карапайым калкы каршылык көрсөтүүчү отряддарды түзгөн. Бирок Кытай өкмөтү аларды колдобой, душманга сокку уруу ишин уюштура албай, 1842-ж. августта багынып берген. Натыйжада Кытайды тең укуксуз абалга дуушар кылган *Нанкин договору (1842)* түзүлгөн.

АНГЛИЯЛЫК-СОВЕТТИК ПРОФСОЮЗДАР КОМИТЕТИ — согуш жылдарында (1941—45) фаш. Германияга каршы сов. профсоюздар м-н Британиянын *тред-юниондор* конгрессинин кызматташуу органы. Фаш. баскынчыларды тезирээк талкалоодо жумушчулардын күч-аракетин мобилизациялоо максатында 1941-ж. 15-октябрда Москвада уюшулган. Комитеттин сессиялары 1944-жылга чейин Москвада же Лондондо жыл сайын кезек м-н өткөрүлүп турган. Бул комитет *Профсоюздардын бүткүл дүйнөлүк федерациясын* түзүүгө көмөкчү болду. Британиялык тред-юниондор конгрессинин оңчул жетекчилеринин эзелеген багытына байланыштуу комитеттин иши 2-дүйн. согуштун аягында бир кыйла начарлап кетти. Согуш бүткөндөн кийин комитет жыйналышын өткөрбөй калды.

АНГЛИЯНЫН ОРТО АЗИЯГА ИНТЕРВЕНЦИЯСЫ (1918—20) — Сов. Россиядан Түркстанды бөлүп кетиш үчүн англия империализминин жүргүзгөн куралдуу күрөшү. АКШнын колдоосу астында Россиянын түш., түш.-чыг. ж-а чыг. тараптарында антисов. күчтөрдүн туташ фронтун уюштурууга плацдарм катары Түркстандын аймагында Англияга колониялык көз каранды мамлекеттерди түзүү максатында болгон. Россиядагы *Февраль революциясынан (1917)* кийин англ. империалисттер Түркстандагы *«Британиянын аскер миссиясы»* дегенди түзүшүп, О. Азиядагы бурж. улутчулдардын башчылары, феодалдар, динчилдердин өкүлдөрү, Бухара эмираты ж-а Хива ханд ыгы м-н байланышты күчөтүшкөн, 1917-ж. сентябрда Дутово Оренбургдагы казак-орус аскерлеринин атаманы катары бийликти алууга жардам берген. Түркстанда 1917-жылдын аягында Антанта м-н АКШнын империалисттери «Түркстан аскер уюму» деген шпиондук-диверсиялык борбор түзгөн. «Британиянын аскер миссиясы» бурж. улутчул *«Кокон автономиясын»* колдоп, 1918-ж. марттa Сов. Түркстан м-н Бухара эмиратынын ортосунда чыккан куралдуу кагылышууга себепкер болгон. Түркстан АССРинин 1918-ж. 30-апрелде түзүлгөн куралдуу күчтөрүнүн аракеттери англ. империалисттерге ж-а алардын жардамчыларына 4 фронтто: Жети-Сууда — ак гвардиячыл казак-орустарга ж-а «алаш ордочуларга» (1918-ж. апр.), Оренбургда — Дутов м-н Толстовдун ак казак-орустардан турган бандаларына, Ферганада — «Кокон автономиясынын» басмачыларына (1918-ж. янв.), Закаспийде — Англия интервенттерине, орус ак гвардиячыларынын ж-а контррев-чыл түркмөн улутчулдарынын кошмо күчүнө каршы жүргүзүлгөн. Закаспий фронтуна интервенттер бөтөнчө маани беришкен: контррев-чыл козголоңдо сов. ишмерлер м-н Совет бийлигин жактагандар массалык түрдө өлтүрүлгөн (к. *Баку комиссарлары).* Ак гвардиячылар Чарджоунун жанында талкаланган-дан кийин, аларга жардамга англ. аскерлер барышат да, Закаспий обл-ын бүт басып алып, башында ген. Маллесон турган генерал-губернаторлук түзөт. Жети-Суу ж-а Фергана фронторундагы контррев-чыларга жетекчиликти Бат. Кытайдагы англ. «миссия» ж-а консульство ишке ашырып турган. Мында өзгөчө активдүү ролду Кашкардагы англ. ген. консул Д. Маккартней ойногон. Ошол эле учурда Ташкендеги амер. консул Р. Тредуэлл м-н англ. өкүлдөр Түркстанга чогулган көп сандагы германиялык ж-а австр. согуш туткундарынын контррев-чыл көтөрүлүшүн даярдап жатышкан. 1918-ж. 14-октябрда чабуулга өткөн интервенттер м-н ак гвардиячылардын бөлүктөрүн Кызыл Армия Душак станциясынын жанында талкалаган. Фронттогу контррев-чыл күчтөрдүн аракеттерин Түркстандын ири шаарларында уюштурулган заговорлор ж-а козголоңдор колдон турган. 1919-ж. 18—21-январда Ташкенде болгон ак гвардиячыл эсерлердин козголоңу бат эле басылган. Интервенттердин чабуулга өтүүгө жасаган жаңы аракеттерине Түркстан аскерлеринин бөлүктөрү сокку урушкан. Интервенттердин ырайымсыз колониялык режими, калкты көз көрүнө талап-тоногондору чет элдик баскынчыларга ж-а ички контррев-чыларга каршы Түркстан элдеринин чыныгы Ата Мек. согушун туудурду. 1919-ж. марттын аягында англ. аскерлер Иранга кире качууга мажбур болушкан. Красноводскиде бир гана гарнизон (700 киши) калган. 1919-жылдын башында Кызыл Армиянын Түркстан аскерлери м-н кошулушу, Ташкенди контррев-чыл көтөрүлүштүн басылышы, интервенттерге каршы жалпы элдик күрөштүн кулач жайышы, англ. аскерлердин уруштарда ири жоготууларга учурашы ж-а интервенцияга каршы Англиянын өзүндө нааразылыктын күчөшү интервенциянын ойрон болушуна алып келди. 9-июлда Ашхабад бошотулду, августта М. В. *Фрунзенин* командачылыгы м-н Түркстан фронту түзүлгөн соң, мындагы чет элдик интервенциянын бардык фронторун ж-а таянычтарын ыраатгуулук м-н жоюу башталды. 1920-ж. 6-апрелде Красноводск бошотулуп, 2-февралда Кызыл Армиянын жардамы м-н эмгекчилер Хивада ханд ын бийлигин кулатышып, 26-апрелде *Хорезм Советтик Эл Республикасы* жарыяланды, апрелде Жети-Суу фронтунда актардын аскерлери талкаланды. Бухара эмиратында рев-я жеңип, 1920-ж. 8-октябрда

Бухара Советтик Эл Республикасы жарыяланды.

АНГЛИЯНЫН ЭТ-ЖҮН КОПЛОРУ — 18—19-к-да Англияда чыгарылган эти сапаттуу, жарым уяц жүндүү кой породалары. Англияда жарым уяц жүндүү койдун 30дан ашык породасы бар; бул породаларды чыгарууда лейстер ж-а саут-даун койлору катышкан. Тез жетилет. 3—4 айлык козуларын сойгондо 15—20 *кг* эт чыгат. Булар Түн. ж-а Түш. Америкада, Австралияда, Жаңы Зеландияда, Түш. Африкада, Европанын климаты жылуу өлкөлөрүндө асыралат. Сов. Союзунда жерг. койлорду аргындаштыруу максатында Англиянын ромни-марш, линкольн, бордер-лейстер, гемпшир, шевиот ж. б. породалар өстүрүлүүдө.

АНГЛИЯ-ОРУС КЕЛИШИМДЕРИ (1873, 1885, 1907), О. Азиядагы «буфердик» алкак ж-дөгү келишим (1873), ушул өлкөлөрдүн өкмөттөрүнүн ортосундагы (1872-ж. окт.— 1873-ж. янв.) сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында түзүлүп, Россия м-н Англиянын О. Азиядагы таасир тийгизүүчү чөйрөсүн чектеген ж-а Афган эмиратынын түн. чек араларын белгилеген. Афг-ндын эзелен турган жерлерин чектөө ж-дөгү келишим (1885) — 29-августта (10-сент.) Лондондо түзүлүп, 1885-ж. афган кризисин жөнгө салган. Ал афган чек араларын, негизинен Россиянын койгон талаптарына ылайыктуу белгилеген. Ал ж-дөгү протоколго 1887-ж. 10(22)-июлда кол коюлган. Ортоңку Чыгыштагы таасир көрсөтүү чөйрөсүн чектөө ж-дөгү келишимге (1907) 8(31)-августта кол коюлган. Англия Германиянын согуштук күч-кубатынын өсүшүнөн ж-а аның Чыгыштагы басым алууларынын күчөшүнөн чочулап, Франция Россия м-н жакындашкан. Англия м-н Россиянын бул сүйлөшүүлөрү Тибет, Афг-н ж-а Иран ж-дө эле. Тараптар Тибетти өзүлөрүнүн таасир тийгизүү чөйрөсүнөн сыртта турат деп макулдашышкан. 1907-ж. марттагы келишим б-ча Иранда Россиянын, Англиянын таасир тийгизүүчү зоналары белгиленген. Англия Афг-ндын өзүнүн таасир көрсөтүүчү чөйрөсү деп таанылышын талап кылган. Россия, Афг-н м-н Англиянын өкмөтү аркылуу гана мамиле жасоого макул болгон. 1907-жылдагы келишим Антантаны түзүүдө маанилүү этап болгон. Совет өкмөтү бул келишимди 1918-ж. 14(27)-январда жокко чыгарган.

АНГЛИЯ-СОВЕТ-ИРАН ДОГОВОРУ 1942-ж. 29-январда Тегеранда үч мамлекеттин союзу ж-дө түзүлгөн. Договорду түзүү алдында 1941-ж. авг.—сентябрда Иранга аның терр-ясын ж-а ресурстарын Сов. Союзуна, Англияга каршы фаш. Германиянын пайдаланууусуна жол бербөө үчүн сов. ж-а англ. аскерлер киргизилет. Сов. Союзу бул аракетти Совет-Иран договорунун (1921) негизинде жүзөгө ашырды (к. *Совет-Иран договорлору*). СССР м-н Англия Ирандын терр-ясынын бүтүндүгүн, өз алдынчалыгын, саясий көз каранды эместигин урматтоого ж-а Германиянын же башка мамлекеттердин агрессиясынан коргоого милдеттенишкен. СССР ж-а Англия Ирандын терр-ясында зарыл болгон санда куралтагы аскерлерин, деңиз ж-а аба күчтөрүн кармоого укук алган. Бул өлкөлөр башка мамлекеттер м-н договордун шарттарына ылайык келбеген келишимдерди түзбөөгө милдеттенишкен. Фаш. Германия жеңилгенден кийин, СССР ж-а Англия договор б-ча Ирандын терр-ясынан аскерлерин (1945-жылдын аягы — 1946-ж. май) чыгарып кеткен.

АНГЛИЯ-ТРАНСПОРДАНИЯ ДОГОВОРЛОРУ (1928, 1946, 1948). 1928-ж. договор 20-февралда Иерусалимде түзүлгөн. Закон чыгаруу ж-а тескөө жагынан эмирге аздыр-көптүр бийлик берилсе да, договор негизинен Англиянын мүдөөсүн көздөп, Транспорданиянын тышкы, финансы ж-а концессия саясатына Англиянын контроддугун бекемдеген, аның терр-ясында каалаган сандагы аскер кармап турууга, өлкө согуш абалында деп жарыялоого укук берген. 1934-ж. кошумчаланган параграф б-ча Трансиордания араб өлкөлөрүндө консулдук өкүлдөрүн кармоого уруксат кылынган. 1941-ж. кошумчаланган статьяда Англиянын бул өлкөнү коргоо үчүн зарыл сандагы аскерлерди топтоп кармоого, контроддон турууга укуктун аскени көрсөтүлгөн. Достук ж-а союздаштык ж-дө 1946-жылдагы договор Лондондо 22-мартта 25 жылга түзүлгөн. Англ. үчүн колон. үстөмдүк кылуунун жашырын формасы ушундан башталган. Трансиордания көз каранды эместик берилген. Союздаштык ж-дөгү 1948-жылдагы договор 15-мартта Амманда 15 жылга түзүлүп, Иорданиянын Англияга көз каранды болуу абалын сактап калган. Бул договор 1957-ж. 15-мартта күчүнөн тайган.

АНГЛИЯ-ТУРЦИЯ ДОГОВОРЛОРУ (1799, 1809, 1878). 1799-ж. договорго 5-январда Стамбулда кол коюлуп, ал б-ча Англия орус-түрк союзуна кошулуп, Турция Францияга каршы 2-коалицияга кирген. Договордо Египетте ж-а Жер Ортолук деңизинде Францияга каршы биргелешип күрөшүү белгиленген. 1809-ж. 5-январда договорго (Дарданелль тынчтыгы деп аталган) Англиянын согуштук кораблинде кол коюлган. Договор б-ча 1807—1809-жылдагы Англия-Турция согушу аяктаган; Турция Кара деңиз кысыктарына чет өлкөлүк согуш кораблдерин киргизбөөгө милдеттенген. Бул Россиянын кызыкчылыгына каршы багытталган эле. «Коргонуу союзу жөнүндөгү» жашыруун (Кипр конвенциясы деп аталган) договорго 1878-ж. 4-июнда Стамбулда кол коюлган. Бул б-ча, эгерде Россия 1877—78-ж. согушта өзүнө өткөн Батумиден, Ардагандан, Карстан тышкары дагы К. Азиядан терр-я алууга умтулса, Англия султанга «куралдын күчү м-н» жардам берүүгө милдеттенген. Турция Англияга Кипр а-ын оккупациялап алууга укук берген. Англиянын Кипрди аннексиялашына байланыштуу 1914-ж. 5-ноябрда Англия-Турция договору күчүн жоготкон.

АНГЛИЯ-ТУРЦИЯ-ФРАНЦИЯ ДОГОВОРУ (1939) — өз ара жардам ж-дөгү договор, 19-октябрда 15 жылга түзүлгөн. Ага Англия-Турция [1939-ж. (12-май)], Франция-Турция [1939-ж. (23-июнь)] декларациялары негиз кылынып алынган. Алардын кимдир бирөөнө согуштук агрессия жасалып калса, бири бирине жардамдашууга макулдашылган. Турция Грецияга ж-а Румынияга да жардамдашууга милдеттенген. Анткени Англия ж-а Франция өкмөттөрү 1939-жылдын 13-апрелинде кабыл алган декларацияларында аларга согуш убагында жардам көрсөтүүгө гарантия беришкен. Договорго тиркелген № 2 протоколдо: «Турциянын алган милдеттенмелери Турцияны СССР м-н куралдуу чыр-чатакка алып келерлик аракеттерди жасоого мажбурлай албайт»,— деп айтылган. Договор кагаз бетинде гана калган. 2-дүйн. согуштун (1939—45) убагында 1944-жылга чейин Турция Германияны стратегиялык сырьё м-н жабдып турган.

АНГЛИЯ - ФРАНЦИЯ - ИЗРАИЛДИН ЕГИПЕТКЕ АГРЕССИЯСЫ (1956). Бул агрессия аркылуу Англия м-н Франция Араб Чыгышындагы бошондой түшкөн бийлигин бекемден, Суэц каналын кайра басып алгысы келген; Израиль болсо коңшу араб мамлекеттерин начарлатууга, Египеттин жеринен басып алууга умтулган. Агрессия 1956-ж. 29-октябрда башталып, Израиль аскерлери Египет жерине (Синай ж. а.) басып кирген. 31-октябрда Англия м-н Франциянын куралдуу күчтөрү Египетти бомбалап, 5-ноябрда Порт-Саид ш-нын айланасына десантар түшүргөн. Египеттиктер бул агрессияга тайманбай каршы турду. Соц. өлкөлөр, прогрессчил эл аралык ж-а улуттук коомдук уюмдар агрессиянын дароо токтолушун талап кылды. СССР 31-октябрда атайын билдирүү жасап, агрессиянын токтолушу үчүн ООНдун Коопсуздук совети зарыл чараларды көрүшү керек экенин айтты; 5-ноябрдагы посланиелериңде Англиянын, Франциянын, Израилдин өкмөттөрүнө Чыгыштагы тынчтыкты калыбына келтирүү үчүн күч колдонууга даяр экенин эскертти. Агрессияны токтотуу, англ., франц., израилдик куралдуу күчтөрдү Египеттен чыгарып кетүү ж-дө ООНдун Ген. Ассамблеясынын сессияларында (1956-ж., 2, 7, 24-ноябрда) рез-ялар кабыл алынды. Согуш аракеттерин токтотууга мажбур болушкан (1956-ж. 7-ноябрь)агрессорлор басып алган

жерлерин эзелен калууга умтулушту. Бирок египет элинин тайманбаган күрөшү, Сов. Союзу башында турган тынчтыкты сүйүүчү күчтөрдүн көрсөткөн чечкиндүү каршылыктары Англияны ж-а Францияны (22. 12. 1956), Израилди (8. 3. 1957) өз аскерлерин Египеттен чыгарып кетүүгө аргасыз кылды.

АНГЛИЯ-ФРАНЦИЯ-КЫТАЙ СОГУШУ, экинчи «аничйм» согушу (1856—1860) — Англия м-н Франциянын Кытайга каршы агрессиячыл согушу. Англия Кытайдагы гражд. согуштан (к. *Тайпин көтөрүлүшү*) пайдаланып, 1856-ж. октябрда Кытайдын Гуанчжоу ш-нын аймактарына чабуул жасайт. 1857-жылдын башында ага Франция кошулат. Отол жылы декабрдын аягында Англиянын, Франциянын аскерлери Гуанчжоуну басып алат. 1858-ж. жазында согуш аракеттери Борб. Чжили провинциясынын аймагына көчөт. 1858-ж. майда англ., франц. аскерлер Дагу портун каратып, Тянь-цзинь м-н Пекинге коркунуч туудурат. Кытай өкмөтү Тянь-цзиндеги Англия-Кытай договорунун (1858), Тянь-цзиндеги Франция-Кытай договорунун (1858) кол коюуга мажбур болот. Англ.-франц. колонизаторлор 1860-ж. августта Тянь-цзинди, октябрда Пекинди басып алат, Кытай өкмөтү Пекинде Англия-Кытай договорунун (1860), Пекинде Франция-Кытай договорунун (1860) аргасыздан кол коёт. 1856—60-ж. А.-Ф.-К. согушу Кытайды чала колон. өлкөгө айландырууга көмөктөш болгон.

АНГЛИЯ-ФРАНЦИЯ-РОССИЯ КЕЛИШИМИ (1915) — 1-дүйн. согуштун мезгилинде кысыктар ж-дө түзүлгөн жашыруун келишим. Бул б-ча герм. коалиция жеңилгенден кийин, 1-дүйн. согушта аның союздашы болгон Турциянын Константинополь (Стамбул), Босфор, Дарданелл кысыктары ж-а бул жерлерге жамаатташ жаткан Европа ж-а Азия р-ндорунун Россияга кошулушуна Англия м-н Франция макул болгон. Турцияны бөлүү ж-дөгү жашыруун келишим Англия м-н Франция өкмөттөрүнүн Россияны Антантадан чыгарбоого жасаган аракети гана болуп, иш жүзүндө Россияга эч пайда берген эмес.

АНГЛИЯ-ЯПОНИЯ СОЮЗУ—согуштук-саясий союз. Англия м-н Япония Россияга каршы 1902-ж. 30-январда түзгөн договор. Ал договор союздаштардын Кытай м-н Кореядагы үстөмдүгүн чыңдоого да багытталган. Договордо союздаштардын бирөө башка бир держава м-н жекеме жеке согушуп калса, жардам көрсөтпөй турганды, ал эми ошол душманга башка мамлекет кошулуп кетсе, жардамдашуу дагы белгиленген. А.-Я. с. Англиянын Кытайдагы, Япониянын Кытайдагы ж-а Кореядагы «атайын таламдарын» гарантиялаган. Ушул союзга, о. эле АКШнын жардамына бел байлаган Япония *орус-япон согушун (1904—05)* баштаган. А.-Я. с. (айрым өзгөртүүлөр м-н) эки жолу толукталган. Ал *Вашингтон конференциясында (1921—22)* 4 державанын (Англиянын, АКШнын, Франциянын ж-а Япониянын) келишими м-н (1921-ж. 13-дек.) алмаштырылган.

АНГОЛА—Түш.-Бат. Африкадагы өлкө, 1974-ж. ноябрдан баштап көз каранды эмес. Португалиянын мурунку колониясы (1973-жылдын 1-январынан автон. «штат», ага чейин — «деңиздин ары жагындагы провинция»). Аянты 1246 миң км², калкы 6 млн. (1973). Комин. борбору—Луанда. Комин. жагынан 15 округга бөлүнөт (Конго д-нын куймасынын түн. тарабында жайгашкан Кабинда округун кошкондо).

Өлкөнүн көп бөлүгүн бөксө тоолор эзелейт, алардын батышы көтөрүңкү келип, деңиз жээгине тик түшөт. Климаты ысык, өлкөнүн ички р-ндорунда — экваторлук муссондук, деңиз жээгинде—тропиктик пассаттык климат. Негизги өзөндөрү — Касаи ж-а Кванго (жог. агымы), алар Конгонун алабына кирет. А-ның өзөндөрү босоголуу келип, гидроэнергет. запастарга бай.

А-ның калкынын 96%ке жакыны банту тилдеринде сүйлөгөн элдерге кирет; анда европалыктар да бар, көбү португалдар—400 миңге жакын (1971). Офиц. тили — португал тили. Калктын 35% — христиандар.

Тарыхый очерк. А-ның алгачкы тарыхы алиге чейин изилдене элек. 14-к-да аның терр-ясында Конго мамлекети түзүлүп, ал 18-к-га чейин жашаган. А-га европалыктар аден келген мезгилде (1482) Идоиго, Луида, Бенгела сыяктуу күчтүү мамлекеттер болгон. 17-к-да Матамба, Касанже мамлекеттери түзүлгөн. 16-к-да А-ның жээгине португалдар бекемделген бир нече порттору куруп, А-га келишкен африкалыктардын каршылык көрсөтүүлөрүнүн мизин кайтарып, өлкөнүн ич жагына кире беришкен. Ушундан улам колонизаторлорго каршы 30 жылга созулган элдик согуш башталган. Азыркы А-ның чек арасы Португалия, Бельгия, Германия ж-а Англиянын ортосунда 1885—94-ж. түзүлгөн келишим б-ча аныкталган. А-дагы улуттук-бошт. күймылы 2-дүйн. согуштан кийин бөтөнчө күчөдү. 1954-ж. Ангола элдеринин союзу (АЭС), 1956-ж. Анголаны бошотондукка чыгаруу үчүн элдик күймыл ж. б. улуттук-патриоттук партиялар түзүлдү. 1961-ж. өлкөдө патриоттордун куралдуу көтөрүлүшү башталды. Көп жылга созулган улуттук-бошт. күрөш акыры жеңиш чыгып, 1975-ж. 11-ноябрда А. Ангола эл республикасы (АЭР) болуп жарыяланды. АЭР жарыялангандан эле тышкы импер. күчтөр ж-а ички реакциячыл топтор респ-каның прогрессчил ж-а демокр. бийлигин кулатууга аракет жасашты. Бирок соц. өлкөлөрдүн колдоосу м-н АЭРдин күралдуу күчтөрү ички-тышкы душмандарын талкалады. Аз эле убакыттан АЭРди дүйнөнүн көп мамлекети таанышты. 1976-ж. 24—31-майда СССР ж-а АЭР ортосунда достук өз ара мамилелердин ж-а кызматташтыктын негиздөөн ж-дөгү Декларация кабыл алынып, Совет Англоа коммюникесине кол коюлду.

Чарбасы. А.—экон. жактан начар өнүккөн агрардык өлкө. Экономикасында чет өлкөлүк (негизинен португалиялык ж-а англ.) капитал үстөмдүк кылат. А. ч-да эмгекке жарамдуу калктын 9/10 бөлүгү иштейт. Маанилүү өсүмдүктөр: кофе, сизаль, бал камыш, жүгөрү, пахта ж. б. Тоолуу р-ндордо мал багылат. Ө. ж. начар өнүккөн. Башкы тармагы — кен байлыктарын казып алуу (темир рудасы, алмаз, марганец, жез ж. б.). Мындан башка нефть чыгарылат. Кен байлыктын көпчүлүк бөлүгү чет өлкөгө киберилет. А. ч. сырьёлорун иштеп чыгаруучу ишканалар бар. Деңиз жээгиндеги шаарларда балыкты консервалоо ишканалары иштейт.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. 1972-ж. 1000 кишиге төрөлгөндөр 50, өлгөндөр 30 адамды түзгөн; өмүрдүн узактыгы — 33 жаш (1965—70). А-да жугуштуу оорулар басымдуулук кылат. Туберкулёз, балдар оорусу ж-а ичеги инфекциялары, пес оорусу, чечек, безгек өтө көп тараган. 1970-ж. 15,2 миң оорукана койкасы (1000 кишиге 2,7 койка) болгон, 650 врач (8730 кишиге 1 врач) иштеген.

Адабият жана искусствосу. Оозеки бай ад-ты бар. Азыркы замандагы жазма ад-ты көбүнчө португал тилинде. Прогрессчил ад-ттын өнүгүшүнүн алгачкы мезгелинде (1855—1930) жазылган ырларда, журналдык макалаларда ж-а фельетондордо улуттук аң-сезимди өстүрүүгө байланыштуу маанилүү маселелер чагылдырылган. Акыркы мезгилдин башкы темасы (1960-жылдан тартып) — бошотондукка чыгуу күрөшү, эзүүчүлөргө каршылык көрсөтүү үчүн элдин күчүн мобилизациялоо. А-ның прогрессчил ад-ты эмиграцияда да өнүгүп жаткан, анткени жазуучулардын көбү улуттук-бошт. күймылына жетекчилик кылып чет өлкөлөрдө жашаган. А-да турак-жайлар адетте казык каркастардын үстүнө туз бурч жез тегерек формада салынып, бутак же саман м-н жабылат. Европалыктар А-га келгенден тартып, шаарлар пайда болгон. 20-к-дын башынан бери европ. архитектуранын тибиндеги курулуштар тургузулган. А-да илгертеден жыгачты көркөмдөп оюу (адамдардын ж-а жаныбарлардын стилдештирилген статуэткалары, ритуалдык маскалар ж. б.) салттары, чоп, бутак, самандан керектүү буюмдарды согуп жасоо өнүккөн.

Ав.: Организация Ю. С., Национальная революция в Анголе, М., 1968; Халапов А. М., Политика Португалии в Африке и Азии, М., 1967; Олейников И.Н., Ангола. М., 1960.

АНГОР ЭЧКИСИ — илгертен бери



Турциянын Ангора провинциясындагылар күткөн эчки. 19-к-дан тартып

АКШда, Африкада, Австралияда багыла баштаган. Жүнү чала уяң, жылтыр, ак, бир кылка, уз. 25 *см*. Тубар эчкиден 2,2—4 *кг*, текесинен 5—7 *кг* жүн кыркылат, анын 65—75% таза жүн. А. э-нин жүнүнөн сапаттуу драп, тукаба, килем, ар түрдүү трикотаж жасалат. Тубар эчкисинин тиргүүлөй салм. 32—36 *кг*, текеси 50—55 *кг*. А. э. жылына 70—100 *кз* сүт берет. А. э. м-н көбүнчө кылчык жүндүү эчкилер аргындаштырылат. А. э-нин аргындары Закавказьеде, О. Азияда, Түн. Кавказда, Каз-ндын Семей обл-да остурулот. А. э. сов. жүндүү эчкинин тукумун чыгарууда пайдаланылган. Кийинки жылдарда А. э. Кырг-нда да жерг. эчки м-н аргындаштырылып жатат.

АНГРЁН, Ахангаран — Өзбек ССРындеги дарыя. Сыр-Дарыянын оң куймасы. Уз. 224 *км*, алабынын аянты 5260 *км*². Ангрен боксо тоолорунан башталып, төмөнкү агымы Чирчик өрөөнүнө чыгат. Кар ж-а жамгыр сууларынан куралат. Көп жылдык орт. чыгымы 23 *м*³/*сек*. Суунун катуу кирген учуру — май айы. Өрөөнүндө Төө-Бугуз суу сактагычы курулган. А-дин боюнда Ахангаран ж-а Ангрен ш-лары орун алган.

АНГРЁН — Өзбек ССРинин Ташкен обл-дагы шаар, т. ж. станциясы. Ангрен суусунун сол жээгинде, Ташкен—Кокон шоссе жолунун боюнда. Калкы 76 миң (1970). Респ-кадагы күрөң көмүр ө. ж. борбору. А-де жер астында көмүрдү газдаштыруу станциясы, ири ГРЭС, курулуш материал, тамак-аш, жеңил ө. ж. ишканалары, пед. ин-т, Ташкен политех. ин-тунун жалпы тех. ф-тети, тоо-кен техникуму ж. б. бар.

АНГРЁН КӨМҮР КЕНИ — Өзб-ндагы күрөң көмүр чыккан жер. Ташкен ш-нан 110 *км* чыг. тараптагы Ангрен өрөөнүндө. Көмүр катмарлары юра мезгилинде пайда болгон көмүрлүү аргиллит, чопо ж-а кумдуктан турган чокмо тоо тектердин арасында жатат. Кен калыңд. 30 *м* ге жеткен таза көмүрдүн бир нече катмарынан түзүлгөн. Жалпы калыңд. 150 *м*. Көмүр күрөң, күлдүүлүгү 13—15%. Жалпы запасы 2135 млн. *т*. Кен Улуу Ата Мек. согуш жылдарында иштетиле баштаган. Көмүр жер астынан ж-а карьер түрүндө казылып, О. Азия респ-каларына жиберилип турат. Кийинки кезде кен жайгашкан аймактан көмүрдөн башка *каолин* сырьёсу м-н газ да алынууда.

АНГСТРЕМ — метрдин он млрд-дан бир үлүшүнө барабар болгон узундук бирдиги; Å тамгасы м-н белгиленет. 1 Å = 10^{-10} *м* = 10^{-8} *см* = 0,1 *нм*. Ал атомдук, мол. физикада ж-а оптикада колдонулат. Швед физиги Й. Ангстремдин ысымы м-н аталган.

АНД ТООЛОРУ (инкилер тилинде анта—жез, жездүү тоолор), Анд Кордильерлери — Түш. Американы түндүгүнөн ж-а батышынан курчаган эң узун (9 миң *км*) ж-а бийик (Аконка: уа чокусу, 6960 *м*) тоо системасы; материкти батышынан Тынч, чыгышынан Атлантика океандарынын климаттык таасиринен калкалап туруучу тоскоол ж-а океан аралык суу болгүч. А. т. негизинен альпы бүктөлүүсүндө пайда болгон; бат. жагында дагы өлө жанар тоо атылып, жер титиреп турганы тоо пайда болуу процесси уланып жатканын далилдейт. Пайдалуу кендерге (нефть, жез, калай, күмүш, коргошун, цинк, вольфрам, ванадий, сурьма, висмут, мышьяк ж. б.) бай. А. т-нан Амазонка д-сы башталат, борб. болгүндө чоң колдөндүн бири — Титакака бар. Структуралык ж-а геоморфол. өзгочөлүктөрүнө жараша А. т. бир нече болүккө (түндүктөн түштүккө карай) болүнөт. Кариб А. т. материктин түн.-чыгышында, Кариб деңизинин бойлой жатат, бийикт. 2765 *м*; Түндүк-Батыш А. т. (1° түн. кеңдиктен түндүктү карай) Колумбия ж-а Венесуэланын батышында, негизинен 3 (Чыг., Борб., Бат.) Кордильер тоосунан турат. Бийикт. 5800 *м* ге чейин (Сьерра—Невада-де-Санта-Марта массивинде); Экуадордук А. т. (4° түш. кеңдикке чейин) жанар тоолуу келет, бийикт. 6262 *м* (Чимборасо); Перу А. т. (14°30′ түш. кеңдикке чейин), бийикт. 6 768 *м* (Уаскаран тоосунда); Боровдук А. т. (28° түш. кеңдикке чейин), А. т-нун эң жаны болугу 700—800 *км*, бийикт. 5 500—6 700 *м*; Чили-Аргентина А. т. (31° түш. кеңдиктен түштүктү карай), бийикт. 6960 *м* (Аконкагуа тоосунда); Патагония А. т., бийикт. 4035 *м* ге чейин (31° түш. кеңдиктен түштүккө карай), мөңгүлүү. Кариб А. т. жайында жаан-чачындуу (жылына 500—1000 *мм*), ал эми Түндүк-Батыш А. т-нун бат. ж-а чыг. капталдарына жамгыр жыл бою текши ж-а мол (10 миң *мм* ге чейин) жаайт. Чыгыштан соккон нымдуу тамал А. т-нун чыг. капталдарына (28° түш. кеңдикке чейин) жаан-чачынды мол алып келет. Тескерисинче, бат. капталдарынын (5° м-н 28° түш. кеңдиктин аралыгы) климаты чөлдүк, тропиктик. 30° түш. кеңдиктин түштүгүнөдөгү субтропиктерде кышкы циклондон улам жаан-чачын саны түштүккө карай кескин көбөйөт да, Патагониялык А. т-нун капталдарында жылына 5000—7000 *мм* ге жетет. А. т-нун жаанчыл келген түндүгүндө ж-а чыгышында кар сызыгы — 4700—4900 *м*, Борб. А. т-да 5600—6100 *м*, 35° түш. кеңдикте 3100 *м*, Патагониялык А. т-да 100—1200 *м* бийиктикте жатат. Ал эми 46°30′ түш. кеңдиктин түш. жагындагы мөңгүлөр океан деңгээлине чейин жетет. Бийиктик аралаша А. т-нун топурагы ж-а өсүмдүккө жараша өтө ар түрдүү: Түн.-Бат. А. т-нан Борб. А. т-на дейре нымдуу экватор ж-а тропик токою (тоо тилеясы) каптап жатат; Карибдик А. т-нун кызыл топурак жерлери кышында жалбырак күбүүчү субтропик токою м-н байланышкан; Чили А. т-нун күрөң топурактуу жерлерин дайыма когерүп туруучу токой, бадалдар эөлейт, ал эми түш. кеңдиктин 38°нан түштүктү карай чыг. ж-а бат. капталдары коңур күрөң топурактуу келип, дайыма когерүп туруучу ж-а аралаш токойлор өсөт. 5° м-н 28° түш. кеңдиктердин аралыгында (Тынч океанды бойлой) чөл өсүмдүктөрү кездешет. Жаныбарлары: лама, релик ааюусу, эндемиялык бугу, пуду ж-а уэмал, азар түлкүсү, магеллан ити; кемирүүчүлөрдөн — дегу, шиншилла ж. б.; канаттуулардан айрыкча эндемиялык куштар көп.

Ад.: Кордильеры Америки, пер. с англ., М., 1967; Лукашова Е. Н., Южная Америка, М., 1958; Кинг Лестер, Морфология Земли, пер. с англ., М., 1967.

АНДАБЕКОВ Ирназар (1905-ж. т.) — Ош обл-ным Жаңы-Жол р-ндагы «Партизан» к-зунун жылкычысы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). А. колхозду уюштурууга активдүү катышкан. А. 1946-ж. 50 бээден 50 кулун, 1947-ж. 56 бээден 56 кулун алып, аман асыраган. Ал Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АНДАЛУЗИТ (Испаниядагы Андалузия провинциясынын атынан) — силикаттар классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы $Al_2O_3 \cdot Al(SiO_4)$. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 7—7,5. Салыштыр. салм. 3,16—3,21. Оңу боз, кызгылт боз, кызгылтым, кээде түссүз. Айнек сымал жалтырак, отко чыдамдуу. А. метаморфизмделген сланецтер м-н гнейстерде жолугат. А. отко чыдамдуу керамикалык жука буюмдарды жасоодо колдонулат. Андан жог. сапаттагы *алюминий рудасын* да алууга болот.

АНДАЛУС ОЙДУҢУ — Испаниянын түштүгүндөгү Андалус, Сьерра-Морена тоолору м-н Атлантика океанынын ортосундагы ойдуң. Бат. жагы жайык келет. Ойдуң кайнозой заманындагы чокмо тоо тектерден турат. Гвадалквивир д-сы ж-а анын куймалары агып өтөт. Жылдык жаан-чачыны 400—700 *мм* ге жетет. Майда токой, буудай, жүгөрү, кант кызылчасы, цитрус өсүмдүктөрү, пробка эмеси, жүзүм өсөт. Ойдунда Кадис, Севилья ж. б. ш-лар жайгашкан.

АНДАМАН АРАЛДАРЫ — Инди океанындагы архипелаг. Индия терр-ясынын болүгү. Бенгал булуңу м-н Андаман деңизинин ортосунда. Ири аралдары: Түн. Андаман, Ортоңку Андаман, Төмөнкү Андаман, Кичи Андаман. Аянты 6,5 миң *км*². Бул аралдар суу астындагы кырка тоолордун чокулары болуп эсептелет. Рельефи жаныз тоолуу. Бийикт. 732 *м* ге (Садл-Пик тоосу) чейин. Тропиктик токой м-н капталган. Кокос пальмасы, күрүч ж. б. өстүрулот. Жыгач (токой) кесип даярдоо өнүккөн. Жерг. элдин (андамандыктар) кесиби — анчылык ж-а балык уулоо. Башкы ш.— Порт-Блэр.

АНДАМАН ДЕҢИЗИ — Инди океанындагы деңиз. Чыгышынан Индокытай, Малакка ж. а-дары, түштүгүнөн Суматра, батышынан Андаман ж-а Никобар а-дары м-н чектешет. Аянты 600 миң *км*² ге жакын, орт. терең. 1096 *м* (эң терең жери 4198 *м*). Климаты тропиктик, муссондуу. Суунун орт. темп-расы февралда 26—28°С, майда 29°С ге чейин: тузд. жайында 31,5—32,5‰, кышында 30,0—33,0‰. Фаунасы: правади дельфини, дюгонь, учуучу балык ж. б. Негизги порттору: Рангун (Бирма), Пинанг (Джорджтаун, Малайзия).

АНДАНТЕ (итал. andante — жай басуу) — музыкадагы орт. жай темп, ошол темптеги муз. пьеса же анын болугу. Көз бир учурларда симфония, квартет, сонаталардын 2-болугу да А. деп аталат.

АНДАРАК (таж.— даректуу жер) — Ош обл-ным Лейлек р-ндагы Сумбула сельсоветине карактуу кыштак. «Лейлек» с-зунун борбору. Р-ндун борбору Лейлектен 10 *км* түш. тарапта, Пролетарск т. ж. станциясынан 55 *км*. Калкы 1726 (1971). Орто мектеп, клуб, оорукана бар.

АНДАРХАМ — Ош обл-ным Лейлек р-ндагы Бешкент сельсоветине карактуу кыштак. Козу-Баглан суусунун боюнда, «Бешкент» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Исфанадан 90 *км* түп.-чыг. тарапта, Пролетарск т. ж. станциясынан 145 *км*. Калкы 556 (1971). Сегиз жылдык мектеп, китепкана бар.

АНДГУЛАДЗЕ Давид Ясонович (1895-ж. т.) — грузин совет сыртысы, СССР эл артисти (1950). 1946-жылдан КПССтин мүчөсү. 1927-ж. Тбилиси консерваториясын проф. Е. А. Вронскийдин классы б-ча бүтүргөн. Палиашвили атн. опера ж-а балет театрында (Тбилиси) солист (1929—55), көркөм жетекчи (1945—48) болуп иштеген. Аткарган ролдору: Тариэль (Мшвелидзе, «Тариэль жонүндө баян», бул роль үчүн 1947-ж. СССР Мамл. сыйлыгына татыктуу болгон), Абесалом, Малхаз (Палиашвили, «Абесалом жана Этери», «Даисн»), Шота (Аракишвили, «Шота баяны») ж. б. А. 2 Ленин ордени, 3 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АНДЕЗИН (Түш. Америкадагы Анд тоосунун атынан) — *плагиоклаз* тобундагы минерал. Составынын 30—50%ин *альбит* түзөт. *Триклин системасында* кристалланат. Өңү агыш, айнектей жалтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6. Орто составдуу магмалык тоо тектерди *(андезит, диорит ж. б.)* түзүүчү минералдардын бири. А-ден кислотага туруктуу керамикалык буюмдар жасалат.

АНДЕЗИТ (Түш. Америкадагы Анд тоосунун атынан) — күңүрт (кара, бозомтук, кара күрөң) түстөгү *эффузия тоо теги*. А. негизинен жанар тоо айнегинен турат; айнектин арасында *орто плагиоклаз*, андезин, *пироксен*, кээде *магнетит*, *роговая обманка* сыяктуу минералдардын кристаллдары учурайт. А. составы кремний к-тасынан (56—60%) ж-а калийден, магнийден, кальцийден, темирден турган жанар тоо лаваларынын жер үстүндө же ага жакын тереңдикте суюп, катуулануусунан пайда болот. О. Азияда, Кавказда, Каз-нда, Камчаткада кездешет. Кырг-нда Тескей, Күңгөй, Талас, Кыргыз Ала-Тоолорунда көп. А. кислоталарга чыдамдуу буюмдарды жасоодо ж-а курулуш иштеринде колдонулат.



И. Андабеков.



Х. К. Андерсен.

АНДЕРСЕН Ханс Кристиан (2. 4. 1805—4. 8. 1875) — дания жазуучусу. А-дин 1826—27-жылдагы ырлары («Өлүм алдындагы бала» ж. б.), «Амагердеги сейилдикке чыгуу» (1829) очерки, «Мулат» (1839) драмасы бурж. коомду жек көрүү сезими м-н жазылган. Анын «Эки баронесса» (1849) романында феод. доор сынга алынат. «Импровизатор» (1835) ж-а «Жонокой скрипач» аттуу (1837) романдарында иск-вонун коомдук ролу ж-а акын м-н айлана-чөйрөнүн ортосундагы конфликт көрсөтүлөт. А-дин 30—40-ж. элдик оозеки чыг-лардын мотивинде жазылган жомокторунда адамдар ортосундагы мамилелер м-н жаратылыштын сулуулугу сүрөттөлөт, адилеттүүлүк даназаланат. Анын романтикалык ж-а чыныгы реалисттик мазмунга жык толгон «Булбул», «Колоко» ж. б. жомоктору (1938—39) кыргыз тилине которулуп, кийин өзүнчө жыйнак болуп (1959) чыккан.

АНДЕРСЕН-НЕКСЕ (өз фамилиясы— Андерсен; улакап аты — Нексё) Мартин (26. 6. 1869—1. 6. 1954) — дания жазуучусу. Коммунист. Адабий ишин 1893-ж. баштаган. А.-Н-нин «Жеңишчил Пелле» (1906—10) романын В. И. Ленин пролет. ад-тка таандык китеп деп баалаган. 1-дүйн. согуштун жылдарында А.-Н. милитаризмге, шовинизмге каршы күрөшкөн. Ал 2-дүйн. согуштун мезгилинде империализмди ашкерелеген «Мортен Кызыл» романын жазат. Улуу Окт. рев-ясынын жеңиши А.-Н-гө зор таасир тийгизип, ал соц. идеяны тараткы. А.-Н.—Дания компартиясын негиздөөчүлөрдүн бири. Тынчтыктын бүткүл дүйн. советинин мүчөсү. Эл аралык Лениндик сыйлык б-ча комитеттин мүчөсү. Өмүрүнүн акыркы жылдарында ГДРде жашаган. Ад-ттагы эмгеги үчүн ГДРдин өкмөтү жазуучуга Улуттук сыйлык берген. Кыргыз тилине айрым чыг-лары («Жаннета» романы, 1974 ж. б.) которулган.

АНДЖАПАРИДЗЕ Вера (Верико) Ивлиановна [23. 9(6. 10). 1900-ж. т.] — грузин совет актрисасы, СССР эл артисти (1950). Москвадагы С. В. Айдароводун ж-а Тбилисидеги Г. Жабадариинин драмалык студияларынан окуган. Сахналык ишин 1920-ж. баштаган. 1928-жылдан тартып Марджанишвили атн. (Тбилиси) грузин театрында актёр. А. грузин театрындагы романтикалык салтты уландырган. Анын көрүнүктүү ролдору: Гинатре (Дадиани, «Гурия Ниношвили»), Джавара (Важа Пшавела, «Куугунтуктагы киши») ж. б. А. бир нече кинофильмде ойногон. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1943, 1946, 1952). Ленин ордени, дагы башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

АНДОРРА — Европанын түш.-батышында, Франция м-н Испаниянын ортосундагы мамлекет.



Аянты 465 *км*². Калкы 21 миң (1972), каталан, о. э. француз ж-а испан тилдеринде сүйлөшөт. Элинин көбү католик дининде. А. кылдыгын Франциянын президенти м-н Урхель епископу (Испания) бирге башкарышат. Закон чыгаруучу органы — 4 жылга шайлана турган Ген. совет (24 мүчөсү бар). Борбору — Андорра-ла-Вьеха ш.

Табияты. А. Пиреней тоолорунун капталындагы түштүгү ачык, бат., түн. ж-а чыг. жактарын тоолор курчаган ойдунду эөлейт. Климаты тоолуу-субтропиктик. А. ж-догу маалыматтар 805-жылга таандык. Орто кылымда А. негизинен де Фуа графтары м-н Урхель епископторунун бийлигинде болгон. 1278-жылдан бери А. француз феодалдары м-н испан епископторуна салык төлөйт. 1866-ж. А-на конституция киргизилген. Бирок А-ным элинин турмушунда ж-а үрп-адатында феодалдык, ал тургай феодализмге чейинки мамилелер ушул күнгө чейин сакталууда.

Калкынын негизги кесиби — кой чарбачылыгы (1971-ж. 25 миңден ашык кой болгон), дыйканчылык (дан эгиндерин, картошка, тоют чөптөрү, тамеки, жашылча). Тамак-аш, тамеки ө. ж-нын анча чоң эмес ишканалары, сувенирлердин, үй эмеректеринин кустардык өндүрүшү, кичинекей ГЭСи бар. Улуттук доходдун бир кыйласын туризм берет (1971-ж. 2 млн. турист келип-кеткен). А-ным мектепте билим бере турган өз системасы жок. Мектептер Франция м-н Испаниянын эсебинен иштейт, балдарды окутуу француз же испан системаларында жүргүзүлөт. «Радио Андорры» радиостанциясы (француз капиталына таандык) өзүнүн укторуулары француз ж-а испан тилде-



А. А. Андреев.



Ю. Н. Андреев.

риндe берет. Азыркы кездеги имараттарын негизинен испан ж-а француз инженерлер долбоорлошкон. Эл иск-восунда металлдан ар кандай буюмдарды көркөмдөп куюу, жыгачтан ж-а таштан оюп кесип, кооз нерселерди жасоо өнүгүп жатат.

Ад.: Матвеев Г. П., Андорра, Лихтенштейн, Монако, Сан-Марино, М., 1959.

АНДРЕЕВ Андрей Андреевич (30. 10. 1895—5. 12. 1971) — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. Смоленск губ-да дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1914-жылдан КПССтин мүчөсү. 1915—17-ж. РСДРП(б)нин Петербург комитетинин мүчөсү. Окт. рев-ясына активдүү катышкан. Партиянын 7-(Апрель) конф-ясынын делегаты. Советтердин Бүткүл росс. 2-съездинин ишине катышкан. Окт. рев-ясынан кийин ВЦСПСтин, ВКП(б) БКнын секретары, ВКП(б)нин Түн. Кавказ крайкомунун секретары, ВКП(б) БККнын пред-ли, СССР ЭКСтин Пред-линин орун басары, СССРдин жол катнаш, а. ч. эл комиссары, ВКП(б)нин алдындагы Парт. контроль комиссиянын пред-ли, СССР Мин. Советинин Пред-линин орун басары. СССР Жог. Советинин Президиумунун мүчөсү. 1926—30-ж. ВКП(б) БКнын Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат, 1932—52-ж. анын мүчөсү. 4 жолу Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АНДРЕЕВ Василий Васильевич (1861—1918) — орус музыканты, мыкты балалайкачы. Петербургда (1886—1887) орус эл аспаптар оркестрин 1-уюштуруп, ага жетекчилик кылган. А-дин демилгеси б-ча ар түрдүү көлөмдөгү, диапазондогу балалайкалар жасалып, көптөгөн орус эл аспаптар оркестрлери уюштурулат. А.— балалайка үчүн концерттик пьесалардын автору (1894). Ленинград радиосунун орус эл аспаптар оркестрине анын ысмы берилген.

АНДРЕЕВ Николай Андреевич (1873—1932) — сов. скульптор ж-а график, РСФСРдин иск-восуна эмг. сиң. ишмер (1931). Москвадагы Строганов атн. (1885—91) ж-а живопись, скульптура, сүрөт өнөр окуу жайларында (1892—1901) С. М. Волнухинден окуган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында А. «монументтүү пропагандага» белсемдүү киришкен («Боштондук статуясы»). А. сов. иск-вонун казнасына кошкон зор үлүшү — В. И. Лениндин көп кырдуу образын түзгөн скульптуралык чыг-лар сериясы (100гө жакын) м-н графикалык портреттери (В. И. Ленин музейи, Третьяков гал.). А. чебер сүрөтчү да болгон.



Н. Андреев (арх. Д. Осипов). Биринчи Советтик Конституцияга арналган обелиск. 1918—1919. Бетон. (Сакталган эмес).

АНДРЕЕВ Николай Тимофеевич (21. 11. 1905-ж., Москва,—27. 9. 1974, Фрунзе) — Сов. Союз Баатыры (1945), полковник. 1937-жылдан КПССтин мүчөсү. 1942-ж. «Выстрел» курсун, 1947-ж. М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясынын алдындагы Армиялык жогорку курсту бүтүргөн. А. 1927-ж. Сов. Армияга чакырылып, солдаттан полковникке чейин күжүрмөн жолду басып өткөн. Улуу Ата Мек. согушта А. өзүн уюштуруучу командир, Ата Журттун эр жүрөк ж-а каарман коргоочусу катары көрсөткөн. Согуштан кийин Сов. Армиянын бөлүктөрүндө ж-а мекемелеринде жооптуу кызматтарда болду. 1953—1958-ж. Кыргыз ССР аскер комиссары. Кырг-н КП БКнын мүчөсү (1955—1958), Кыргыз ССР Жог. Советинин 4-шайл. депутаты. А. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, 3-дараж. Суворов, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АНДРЕЕВ Юрий Николаевич (7. 8. 1933-ж. т.) — сов. геолог. Ростов мамл. ун-тинин геол. ф-тетин бүтүргөн (1957). 1957-жылдан Кыргыз ССР геология башкармасынын Түш. Кырг-н геол. экспедициясында геолог, 1973-жылдан башкы геолог болуп иштейт. Кырг-ндагы сымаптын ири кенин чалгындоо жумуштарына активдүү катышкан. Кырг. ССР илим ж-а техника б-ча Мамл. сыйл. лауреаты (1972).

АНДРИАНОВ Василий Иванович (13. 8. 1920-ж. т.) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1. 7. 1944; 27. 6. 1945), полковник. 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Учкучтардын аскердик-авиац. окуу жайын бүткөн (1943). Улуу Ата Мек. согушта учкучтан 141-штурмалоочу авиац. полктун эскадрильясынын командирлигине чейин көтөрүлгөн. 177 согуштук учуу жасап, 37 жолу аба салгылашуусуна катышкан. Согуштан кийин Аскер-аба академиясын, Генштабдын академиясын бүтүп, аскердик кызматтарда иштеген. Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, I-дараж. Ата Мекендик Согуш, 3-дараж. Даңк, Александр Невский, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. А-дун бюсту Санково с-на орнотулган.

АНДРИАНОВ Кузьма Андрианович [15 (28). 12. 1904-ж. т.] — сов. химик, СССР ИАнын акад. (1964; мүчө-корр. 1953). Соц. Эмг. Баатыры (1969). 1949-жылдан КПССтин мүчөсү. Москвадагы энергет. ин-ттун проф. (1946). Москва ун-тин бүткөндөн кийин (1930), Бүткүл союздук электр тех. ин-тта, СССР ИАнын элемент орг. бирикмелер ин-тунда (1954) иштейт. А-дун негизги эмгеги кремний орг. бирикмелерди синтездөөгө арналган. 1937-ж. 1-жолу полиорганосилоксандарды синтездеген. Ал орг. эмес чынжырлуу молекуласы бар полимерлерди ж-а органометаллосилоксандарды синтездөөнүн негизги принциптерин иштеп чыккан. А. СССР Мамл. (1943, 1946, 1950, 1953) ж-а Лениндик сыйл. (1962) лауреаты.

АНДРОМЕДА (лат. Andromeda) — асмандын Түн. жарым шарындагы топ жылдыз. А. 10-к-да белгилүү болгон, ал 2-чоңдуктагы үч жылдыздан ж-а спираль түрүндөгү галактикадан турат (к. *Андромеда тумандуулугу*). А. сент., окт. айларында даана, жакшы көрүнөт. Бул мезгилде аны СССРдин бардык аймагынан көрсө болот.

АНДРОМЕДА ТУМАНДУУЛУГУ — асман сферасынын түн. жагынан көрүнүүчү биздин Галактикага өтө жакын галактика. Ал 1925-ж. аныкталган. Анын Жерден алыстыгы 690 миң *парсекти* (1 *пс*$=3{,}086\cdot10^{13}$ *км*), ядросунун экватордук диаметри 1200 *парсекти* ж-а уюлдук диаметри 900 *парсекти* түзөт. А. т. биздин Галактика сыяктуу көп сандаган жылдыздардын топтолуштарынан, планеталык спираль түрүндөгү тумандуулуктардан түзүлөт да, диффузиялык газ түрүндөгү булутчалар м-н курчалып эмиссиялык сызыктуу спектрди пайда кылат. А. т-нун ядросу 25 млн. жылда өз огунда айланып, орбиталык мезгили 200 млн. жылды түзөт. Массасы Күндүн массасына салыштырганда $360\cdot10^{9}$ эсе чоң. А. т-нда 400 млрд-дан ашык жылдыз бар.

Ад.: Цесевич В. П., Что и как наблюдать на небе, М., 1973; Ефремов Ю. Н., В глубины Вселенной, М., 1973.

АНДРОНОВО МАДАНИЯТЫ — коло доорундагы археол. маданият. 20-к-дын 20-жылдарында илимге С. А. Теплоухов киргизген. Мад-т Ачинскиге жакын жердеги Андроново кыштагынын аты м-н аталган. Ан. м. Каз-ндын, Бат. Сибирдин, Түш. Уралдын аймагында таркаган бир аз тектеш мад-ттын жалпылыгы үчүн шарттуу ат катары колдонулат. Ан. м. б. з. ч. 2-миң жылдыктын кийинки жарымында болгон деп болжолдонот. Ан. м-нын эстеликтери—жер кепелер, айланасы таштар м-н курчалган көрүс-

төндөр ж-а асемдик коло буюмдар. Көрүстөндөрдүн капшыттарына таш тизилип, дал ортосуна таш плиталардан же жыгачтардан жасалган табыттар коюлган. Өлүктүн колу-бутун бооруна бүгүп, кыбыланы баштантып, кырынан жаткырып, көбүнчө кийим-кечеги, курал-жарагы, асем буюмдары м-н бирге көмүшкөн. Көрүстөндөрдөн оттук таш, учтуу найзалар, коло курал-жарактар, жез мончоктор, алтын, жез сөйкөлөр табылган. Карапа идиш-аяктарын оймо-чийме м-н кооздошкон. Ан. м-нын эстеликтери Кырг-ндын Талас өрөөнүндөгү Таш-Башат, Кулан-Сай, Чүй өрөөнүндөгү



Андроново маданиятынын эстеликтеринен кездешүүчү негизги буюмдар.

Кайынды, Жайылма, Тегирмен-Сай кыштактарынын, Тянь-Шандын Арпасынан, Кетмен-Төбө ойдуңунун Жазы-Кечүү деген ж. б. жерлерден табылган. Ан. м-на мүнөздүү болгон көрүстөн Чүй өрөөнүндөгү «Пригородный» с-зунун аймагынан да табылды.

АНДРОПОВ Юрий Владимирович [2(15). 6. 1914-ж. т., Ставрополь краынын Нагут ст.] — советтик мамл. ж-а парт. ишмер. Соц. Эмгектин Баатыры (1974). 1939-жылдан бери КПССтин мүчөсү. Кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1930-ж. жумушчу болуп иштей баштайт. 1936-ж. суу трансп. техникумун бүтүргөн. Рыбинскидеги Володарский атн. кеме верфинде ВЛКСМ БКнын комсоргу болуп иштеген. 1937—38-ж. ВЛКСМ Ярославль обкомунун секретары, 1938—40-ж. анын биринчи секретары. 1940—44-ж. Карел-Фин ЛКСМ БКнын биринчи секретары. 1944-жылдан Карелия КП(б) Петрозаводск шааркомунун экинчи секретары. 1947—51-ж. Карелия КП(б) БКнын экинчи секретары. 1951—53-ж. КПСС БКнын аппаратында иштеген. 1953—57-ж. СССРдин Венгр Эл Респ-касындагы атайын ж-а полномочиелүү посолу. 1957—62-ж. КПСС БКнын бөлүм башчысы. 1962—67-ж. КПСС БКнын секретары. 1967-жылдын май айынан тартып СССР Мин. Советинин алдындагы Мамл. коопсуздук комитетинин пред-ли. 1961-жылдан КПСС БКнын мүчөсү, 1967—73-ж. КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөлүгүнө кандидат, 1973-жылдын апрелинен тартып КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү. СССР Жог. Советинин 3, 6—9-шайл. депутаты. 3 Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

АНДРОЦЕЙ (гр. andrós — эркек, oikía — турак жай) — гүлдүн эркектик органдарынын — *аталыктарынын* жалпы аты.

АНДРУСОВ ЖАРАШУУСУ (1667) — Россия м-н Речь Посполитаянын ортосунда 13,5 жылга түзүлгөн убактылуу келишим. Буга Смоленскиге жакын Андрусов деревнясында 30-январда кол коюлган. А. ж. б-ча Польша Россияга Смоленск, Чернигов воеводстволорун кайтарып берген ж-а Сол жээк Украинанын Россияга кайрадан кошулушу макулдашылган; Оң жээк Украина ж-а Белоруссия Польшанын бийлиги астында калган. Киев Россиянын карамагында 1669-жылга чейин болууга тийиш эле, бирок аны Россия колдон чыгарган эмес; Запорожье Сечи Россия м-н Польшанын биргелешип башкаруусуна өткөн. А. ж. украин ж-а белорус элдеринин Россияга биригиши үчүн күрөшүндөгү маанилүү этап болгон.

АНДРУСОВ Николай Иванович (1861—1924) — орус геологу ж-а палеонтологу, акад. (1914; мүчө-корр. 1910), Юрьев (1896) ж-а Киев (1905) ун-ттеринин проф. 1912-жылдан Петербургдагы аялдардын жог. курсунун проф., Геол. комитеттин кызматкери (1912). Негизги эмгектери Понтокаспий бассейнинин неогендеги стратиграфиясы м-н палеонтологиясын изилдөөгө арналган. Анын Түн. Кавказ м-н Закавказьедеги палеоген-неоген тектерин изилдеши, нефть кендеринин геологиясын үйрөнүүдө чоң роль ойногон. Кара деңиздин түбүндө Каспий тибине кирүүчү палеоген-неогенден кийин пайда болгон фауна бар экендигин ж-а деңиз түбү күкүрттүү суутек м-н «булганганды-гын» аныктаган. А.— палеоэкология илимине негиз салгандардын бири. Бир нече эмгеги Евразия Альпы зонасынын тектоникасы м-н палеогеографиясына арналган.

Ад.: Борисяк А. А., Николай Иванович Андрусов, «Научный работник», 1925, кн. 2.

АНДХРА-ПРАДЕШ (Хинди-Андхра провинциясы) — Индиянын чыгышындагы штат (1956). Бенгал булуңунун жээгинде. Аянты 275 миң $км^2$. Калкы 43,4 млн. (1971). Борбору — Хайдарабад. А.-П-тин аймагын Декан бөксө тоолору ээлеп жатат. Ө. ж. начар өнүккөн агрардык штат. А. ч. өсүмдүктөрүнөн көбүнчө тамеки, буурчак, пахта, шалы ж-а таруу ай-



К. А. Андрианов.



Ю. В. Андропов.

далат. А.-П. Индиядагы жыйналуучу тамекинин 50%ин ж-а күрүчтүн 10—12%ин берет. Буйвол, кой ж-а эчки багылат. Кен байлыктары: марганец, слюда, көмүр. Ири ө. ж. ишканаларынан Вишакхапатнам ш-да нефть тазалоо з-ду, кеме куруу верфтери бар. Т. ж. ж-а деңиз транспорту өнүккөн. Ири порттору: Вишакхапатнам, Какинада, Мачхалипаттанам, Масулипатнам.

АНДЫГЕН — Баткен р-нундагы Исфара суусунун сол куймасы. Уз. 41 *км*, Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы Андыген ашуусунан башталат. 64 майда куймасы бар, эң ириси — Жилкон. Май айында кире баштап, июлда ташкындайт, октябрда тартылат. Жылдык орт. чыгымы 1,08 $м^3/сек$. Кар, мөңгү, булактардан куралат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Гаусуор кыш. жайгашкан.

АНЕВРИЗМА (гр. anéurysma — кеңейүү) — кан тамырлардын керегесинин айрым жерлерде керилип, кеңейип, бөлтөйүп чыгышы. А. артерияларда, веналарда ж-а жүрөктө, көбүнчө толтодо (аорта) кездешет. А. чыныгы ж-а жалган болуп эки түргө бөлүнөт. Чыныгы А. кан тамырлардын керегесинин бардык катмарларынын керилишинен пайда болуп, көбүнчө *атеросклероз, котон жара* ооруларынын кабылдоосунда кездешет. Сырткы таасирлерден, кан тамырдын жанчылып жараланууусунан жалган А. пайда болот. Жарадар жерден чыккан кан уюп, бир топ убакыт өткөндө сыртынан чел кабыкча м-н капталганы А. капчасы деп аталат. Анын көлөмүнүн чоңоюшу жанындагы органдарды кыса баштайт. А-нын өзгөчө түрүнө катмар-катмар бөлүнүүчү (кан тамырдын керегесинин арасында көңдөй пайда кылуучу) ж-а артерия-веналык А-лар (мүчө кадимкидей эмес, бөтөнчө өскөндө, жараланганда) кирет. Бул А-ларда кан тамырлардын керегелери керилбейт. Дарылоо А-га себеп болгон негизги ооруга карата жүргүзүлөт. Жалган А-ны дарылоодо хирургиялык операциялар колдонулат.

Ад.: Аминов А. М., К вопросу о хирургическом лечении аневризмы аорты, «Хирургия», 1942, № 8; Абрикосов А. И., Частная патологическая анатомия, вып. 2, М.—Л., 1947.

АНЕКДОТ (гр. anékdotos — басылып чыкпаган) — аягы күлкүлүү же кызыктуу бүткөн чакан оозеки аңге-

мо. «А.» деген термин 1-жолу Прокопий Кесарийскийдин сатиралык «Кунуя сырларында» (6-к.) колдонулган. Россияда 18-к-дын 2-жарымында тарала баштаган. Түрк элдеринде А-тор көбүнчө Молдо Насреддин, Кожо Насреддин ж-а Апендинин ысымдарына байланыштуу айтылат. Кыргыз элинде Куйручук, Шаршен, Жоошбай ж. б-дын күлкүлүү кылык-жоруктарын баяндаган А-тор бар. Кыргыз адтында А. деген түшүнүк Окт. рев-ясынан кийин пайда болду. Мурда ал «шакаба», «тамаша», «аңгеме» деп аталып келген.

Текст: Молдо Насреддиндин жоруктары, Фр., 1959.

Ад.: Маслова Е., К истории анекдотической литературы XVIII в., в кн.: Сборник статей в честь академика А. И. Соболевского, Л., 1928 (сб. отд. рус. яз. и словесности АН СССР, т. 101, № 3).

АНЕМО... (гр. ánemos — шамал) — «шамал» деген маанини билдирүүчү татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү (мис., *анемометр, анемофилия*).

АНЕМОМЕТР *(анемо..., metreo* — өлчөм) — шамалдын ж-а газ агымынын ылдамдыгын өлчөөчү прибор. Бир нече түрү бар. Кармап жүрмө А. практикада көп колдонулат (к. 1-сүрөт). Ал томпок жактары бир жакты карап турган 4 чойчөкчөдөн турат. Чойчөкчөлөр ок темирдин жогору жагына кайчылаштырылып бекитилет; алар шамалдын таасирinen күймылга келип, күймыл ок темирдин томпок учундагы эсептөө куралынын жебесине берилет. Айлануу санына жараша шамалдын орт. ылдамдыгы аныкталат. Желдеткич түтүктөр м-н каналдарындагы аба агымынын орт. ылдамдыгын аныктоодо баралуу А. (к. 2-сүрөт) колдонулат.



Сүр. 1. Кол анемометри.



Сүр. 2. Тегирмендин барасындай айлангычы бар анемометр.

АНЕМОРФИЛИЯ *(анемо...* ж-а *philéo* — сүйөмүн) — осүмдүктөрдүн шамал аркылуу кайчылаш чаңдашуусу.

АНЕМОХОРИЯ *(анемо...,* choréo — баратам, тарайм) — осүмдүктөрдүн көбөйүү органдарынын (момо, урук, спора, соредий, изидий ж. б.) шамал аркылуу таралышы. Мындай осүмдүктөрдүн момолору, уруктары шамал аркылуу таралууга ыңгайланышкан: алар майда ж-а жеңил келет, оорлорунун абада учууга мүмкүндүк бере турган түктөрү (тал, терек, каакым), канат сымал өсүндүлөрү (кара жыгач, клён, кайың), аба толгон ыйлаакчалары (шумгуя) болот.

АНЕРОИД *(а...* ж-а гр. nerós — суу, суюктуксуз аракетке келүү), **барометр анероиди** — атмосфера басымын өлчөөчү прибор. Ичиндеги аба сорулуп алынган, серпилгич болуп үчүн гофрирделген жука металл кутучадан турат. Абанын басымы көтөрүлгөндө, кутуча кысылып, өзүнө бекитилген пружинаны тартат, абанын басымы төмөндөгөндө, пружинанын ийилгени жазылат да, кутучанын үстүнкү капталы көтөрүлөт. Пружинанын мындай өзгөрүүсү рычаг аркылуу ага бекитилген жебеге (В) берилет (к. сүрөт). Шкала (С) б-ча жебе күймылдан, басымды көрсөтөт. А. алып жүрүүгө оңтойлуу болгондуктан, бийиктикти өлчөөдө да колдонулат.



Анероиддин ички түзүлүшү.

АНЕСТЕЗИЯ *(а...* ж-а гр. áisthésis — сезим) — терини, булчуңдун, ички ж-а сезүү органдарынын сезгич нервдеринин жаралануусунан же аларга нервдик козголуулардын өтүшүнө тоскоолдук кылуучу заттардын таасиринен сезгичтиктин толук же жарым-жартылай жоголушу, А. айрым нерв ооруларында *(истерия, психоз)* учурап, анда сезүүнүн (даам, жыт ж. б.) бир же бир канча түрүнүн бузулушу байкалат. Байыркы заманда А. үчүн колу-буттун нервдерин кысуу, тондуруу ж-а терини ар кайсы дары заттар м-н сыйпоо жолу колдонулган. 1859-ж. Ниман кокаин дарысын ачып, аны А. үчүн 1-болуп орус окумуштуусу В. К. Анреп (1879) колдонгон. Эйнгорн (1905) новокаинди ачкандан кийин А. жасоонун жаңы эрасы башталат. А. үчүн дарылар нерв клеткаларынын сезүү жинчелеринин ички кайра калыбына келе тургандай таасирин тийгизет. Сезгичтикти жоготуу үчүн көбүнчө жерг. регионардык ж-а жүлүн А. методдору колдонулат. Регионардык А-да 1—2% новокаин эритмеси нерв түркүгүнө же анын айланасына укол м-н берилет.

АНЖЕРО-СУДЖЕНСК — РСФСРдин Кемерово обл-гарды шаар. Сибирь т. ж-дагы станция. Калкы 106 миң (1970). 1897-ж. негизделген. Азыр Кузбасстагы көмүр ө. ж-ның ири борборлорунун бири. Тоо-кен о. ж-на жабдуулар чыгаруучу, вагон ондоочу, айнек ж-а химия-фармацевттик з-ддору, тоо ж-а химия-техног. техникумдары, мед. ж-а пед. окуу жайлары бар.

АНЖИР (Ficus carica) — тыт тукумундагы субтропик момо дарагы. Бийикт. 4—8 *м* ден ашат. Тамыры жоон, мөмөсү майда, данектүү болот, жерди көп тандабай 100—200 жылга чейин өсөт. Эки, үч жылдыгында мөмөлөп, 50—80 жылга чейин мол түшүм берет (бир түбүнөн 20—100 *кг*). Анын составында 12—23% кант, 0,5—4,2% пектин заттары, 3,4—7,4% клетчатка. 1%че кислота, C_1, B_1, B_2 витаминдери, кальций, фосфор бар. А. мөмөсү жумшак болгондуктан, көпкө сактабай кургатылат. Жапайы А. Жер Ортолук деңизинин жээктеринде, К. Азияда, Иранда, Түн.-Бат. Индияда, Закавказьеде, О. Азияда, Крымда кездешет. СССРдин Закавказье ж-а О. Азия реси-каларында, Каз-нда, Дагстанда, Крымда, Краснодар крайында өстүрүлөт. Кырг-нда А. кышкысын жаан

коолат. А. тамырлап, көчөттөлүп, уругу аркылуу көбөйөт.

АНЖИЯН — Анжиян обл-ның (Өзб. ССРи) борбору. Фергана ороонунун чыгышында жайгашкан. Темир, шоссе ж-а аба жолдордун тоому. Калкы 488 миң (1970). Машина куруучу (сугат ж-а пахта иштетүүчү ишканаларына керектүү), электр тех., пахта маайы чыгаруучу ишканалары, бут кийим, кийим тигүүчү, трикотаж ф-калары ж-а консерва з-ду бар. А-да тех., пед., мед. ж-а пахтачылык (Куйган-Яр кыштагында) ин-ттары; 7 атайын орто окуу жайы; Ахунбабаев атн. Өзбек муз. драма театры, куурчак театры ж-а тарыхый-край тааныу музейи бар. А. 9-к-дан бери белгилүү.

АНЖИЯН КӨТӨРҮЛҮШҮ (1898) — Фергана ороонундо жашаган кыргыз, өзбектердин падышачылыктын колонизаторлук саясатына ж-а феод. эзүүгө каршы кыймылы. Көтөрүлүштүн чыгышына орус падышачылыгынын ж-а жерг. феодал ак сөөктөрдүн эзүүсүнүн күчөшү, өкмөт салыгынын өлчөмү улам жогорулап отурушу, кыргыз м-н өзбек дыйкандарынын асылдуу жерлерин тартып алышы ж. б. себеп болгон. *Миссионерлер* болсо жерг. элдерди христиан динин кабыл алдырууга далалаттанган. Көпчүлүк ал булардын баарына каршылык көрсөтө баштайт. Элдин ааразылыгын көз бир атактуу феодалдар, мусулман динчилери дин үчүн согуш ачууга пайдаланып, Анжиян, Ош, Маргалан ш-ларында көтөрүлүш чыгарып, Наманганды басып алып, Кокон хандыгын кайра калыбына келтирүүнү көздөшкөн. А. к-нүн жетекчиси Мадали (Дукчу) өзүн падышачылыктын колонячыл саясатына ааразы болгон букаралардын бир тобун артынан эрчитүүгө жетишет. 17-май күнү кечинде Миң-Төбө кыштагына кыргыз, өзбек ж-а кыпчактан 1500—2000 чамалуу адам чогулат. Жыйналган кол м-н Мадали Анжиян ш-ын көздөй жөнөп, 18-майда таңга жуук Анжияндагы падыша аскеринин 2 ротадан турган гарнизонуна кол салат. Солдаттар бир аз гана жоготууга (22 киши өлүп, 24 киши жарадар болгон) учурайт да, көтөрүлүш ырайымсыз басылат. 362 киши соттолуп, аның ичинен Мадали баш болгон 18 киши дарга асылган, калгандары түрдүү мөөнөткө камакка өкүм кылынып, сүргүнгө айдалган, айрымдары башка жактарга көчүрүлүп жиберилген. Мадалиге кошулбаса деле, жерг. феодалдардын ж-а колонизаторлордун жалаасы м-н кыргыз элинин улуу демократ акыны Токтогул Сатылганов да Сибирге сүргүнгө айдалган. Өлүм жазасына тартылгандардын ж-а Сибирге айдалгандардын үй-мүлкү конфискацияланган. Миң-Төбө болушуна караштуу Кашгар, Тажик, Кутчу кыштактарынын күлү асманга сапырылып, анда жашагандар башка жактарга айдалып жиберилет. Көтөрүлүштүн тескери, динчилик жагы болсо да, бул күймыл антифеод. ж-а антиколониялык багытта болгон. А. к. жеңилип калса да, Түрк-ндагы эмгекчилердин тап күрөшүнүн ж-а улуттук-бошт. күймылынын андан ары карай өнүгүшүнө таасирин тийгизди.

Ад.: История Киргизской ССР, т. 1, Фр., 1968; Хасанов А., Историография Андижанского восстания. «Тр. Киргизского ун-та», 1972, в. 12. Сер. историческая; ошонуку, О национально-освободительном движении в Средней Азии в конце XIX века, «Изв. АН Кирг. ССР», 1972, № 2.

АНЖИЯН ОБЛАСТЫ Өзб. ССРинин составында, 1941-ж. 6-мартта түзүлгөн. Фергана ороонунун чыг. бөлүгүндө. Аянты 4,3 миң $км^2$. Калкы 1060 миң (1970). Областта 8 район, 6 шаар, 6 ш. т. поселок бар. Борбору — Анжиян. Областтын борб. бөлүгү түздүк, чыгышы улам бийиктеп, адырлуу (Алай ж-а Фергана кырка тоолорунун этеги) келет. Климаты кескин континенттик, июлдун орт. темпрасы 27,3°С, январда —3°С. Жылдык жаан-чачын 200 *мм* ге жетет. А. о-ның аймагынан Кара-Дарыя агып отот. Жер кыртышы боз топурактуу. А. о. Өзб. ССРинин алынтының 1%кө жакынын өзөлөйт, мында респ-кадагы калктын 9% жашайт. Калкының жышт. 1 $км^2$ ге 240,2 киши, элинин 77% өзбек, мындан башка орус, татар, кыргыз, уйгур ж. б. жашайт. Областтын эл чарбасы негизинен интенсивдүү а. ч. (негизги тармагы — пахтачылык) ж-а өнүккөн ө. ж-дан турат. Нефть ж-а газ чыгат. Хожо-Абад—Анжиян—Ленинск газ түтүгү курулган. Дизель, бульдозер, скрепер, электр тех. жабдуулар, канал казуучу ж-а трансформаторлорду жасоочу з-ддор, о. эле химия ө. ж. ишканалары бар. Кирпич, шифер, ак таш, темир-бетон деталдары ж. б. курулуш материалдары жасалат. Пахта булаларын иштеп чыгаруучу, сүт, вино з-ддору, эт комбинаттары, бут кийим ултаруучу, кийим тигүүчү ж-а токуу ишканалары бар. Айдоо аянтының көбөйтөт. Картошка ж-а жашылча-бакча өсүмдүктөрү, жүзүм, жеміш бактары бардык райондордо өстүрүлөт. Тоют базасы жетишпегендиктен, мал чарбачылығы начар өнүккөн. Малынын бир тобу жайкысын Кырг-ндын жайлоолорунда багылат. Областта байыртан бери жибекчилик өнүккөн (өлкөдө Өзб. ССРи жибек буласынын 15%ин берет). А. о-ның аймагы аркылуу Ташкен — Маргалан — Анжиян — Жалал-Абад, Кокон — Анжиян — Наманган т. ж-дору ж-а Фергана шоссе жолу өтөт. А. о-да 572 сегиз жылдык ж-а орто мектеп, 11 атайын орто окуу жайы, 4 ин-т, 2 муз. театр, куурчак театры, теле борбору бар.

АНЖУ ДИНАСТИЯСЫ — о. кылымда Франциядагы Анжу графтарынан чыккан королдор династиясы. А. д-нан чыккан королдор Европадагы бир топ өлкөлөрдө: Англияда (1154—1399), Түш. Италияда (1268—1442), Сицилияда (1268—82), Венгрияда (1308—87), Польшада (1370—1382, 1384—1385) сурак жүргүзүшкон.

АНЗЮС — Австралиянын, Жаңы Зеландиянын, АКШнын агрессивдүү согуштук-саясий союзу. АНЗЮСту түзүү ж-дөгү келишимге Сан-Франциско ш-да 1951-ж. 1-сентябрда кол коюлган; ал 1952-ж. 29-апрелде күчүнө кирген. Анын мүчөлөрү кийин СЕАТОну түзүүгө катышып, ага да кошулган. АНЗЮС СССРге, соц. башка мамлекеттерге ж-а Түш.-Чыг. Азиядагы өлкөлөрдүн улуттук-бошт. күймылына каршы күрөшүп, ал аралык абалды оордотуу, согуш камылгасын күчөтүү саясатын колдоп келатат.

АНИ — Арменияның Ахурян д-ның (Ариачай) оң жээгинде жайгашкан о. кылымдагы сепил ж-а чеп. А. Европа м-н Чыг. өлкөлөрүн байланыштырган көрбөн жолго жайланышкан. 1236-ж. Чыңгыс хандын аскерлери талкалаган. 1-дүйн. согуштан кийин Ани ш-н түрктөр басып алган. Н. Я. Маррдын жетекчилиги м-н 1892—93, 1904—16-жылдарда археол. казуулар жүргүзүлүп, Ани ш-ның терр-ясынан о. кылымга таандык архитектурасы: дворецтер, храмдар, чиркөөлөр, шаардык курулуштар, сепил дубалдары ж. б. табылган.

АНИЗОКОРИЯ (гр. ánisos — бирдей эмес, kóré — карек) — каректин көлөмүнүн эки көздө бирдей эместиги. А. борб. нерв системасынын ж-а жүлүндүн орг. ооруларынан, о. эле айрым көз оорулардын белгилеринен пайда болот.

АНИЗОТРОПИЯ (гр. ánisos — барабар эмес, trópos — касиеттер) — персенин физ., мех., жылуулук, оптикалык, электрдик, магниттик касиеттеринин түрдүү багыттарында бирдей эместиги. А. 1669-ж. ачылган. Мис., жез кристаллын кырларынын багыты б-ча чойсок, анын үзүлүүгө каршы бышыктыгынын чеги 15 $кГ/мм^2$; кубдун диагоналынын багыты б-ча 35 $кГ/мм^2$ барабар. Бардык кристаллдар А. касиетине ээ. А. кубулушу бир текстүү ж-а жерг. болуп бөлүнөт. Бир текстүү А. заттардын түзүлүшү м-н кристаллдык структурасынын негизинде пайда болот. Жерг. А. заттарды белгилүү бир багытта деформацияloодон (чоюу, кысуу, чыңоодон ж. б.) келип чыгат.

Ад.: Бокий Г. Б., Флинт Е. Е., Шубников А. В., Основы кристаллографии М.—Л., 1940.

АНИЛИН аминобензол, фениламин, $C_6H_5NH_2$ — оң жоноокой ароматтык амин. 1826-ж. индигону кургак бууландыруудан алынган. А. түссүз, өзгөчө жыттуу суюктук, —6,15°С де эрип, 184,4°Сде кайнайт. Спирт, эфир ж-а бензол м-н жакшы аралашат. Ачык абада түсүн өзгөртөт. А. минералдык к-талар м-н туздарды ($C_6H_5NH_3Cl$), орг. к-талар м-н ани-

лиддерди (мис., уксус к-тасы м-н ацетанилидди) пайда кылат. А-ди метилдөө, диазоттоо реакцияларынан боёкторду алууда колдонулуучу моно ж-а *диметиланилиндер* алынат. А-ди 1842-ж. орус окумуштуусу Н. Н. Зинин *нитробензолду* күкүрттүү аммоний м-н калыбына келтирүүдөн синтезден алган. Азыр өндүрүштө нитробензол темирдин майда сыныктары м-н (HCl катышуусунда) калыбына келтирүүдөн алынат:

$$4C_6H_5NO_2 + 9Fe + 4H_2O = 4C_6H_5NH_2 + 3Fe_3O_4.$$

А. түрдүү түстөгү боёкторду, жарылгыч заттарды, кинофото иштеринде колдонулуучу заттарды алууда ж-а медицинада кеңири колдонулат.

А-дин буусу уу болгондуктан, адамдын борб. нерв системасына таасир этет. Уланган адамдардын эриндери, кулак калкандары, кол ж-а буттун манжаларынын учтары көгөрүп кетет. Жеңил уланган кишинин башы ооруп, бат чарчап, башы айланат, өтө уланган киши басканда боюн түз алып жүрө албай, көңүлү чөгүп, кусат. А. м-н улануу өпөкөткө айланса, оорулуунун нервдик-психикалык системасы бузулуп, уйкусу качат, боору ооруп, унутчаак боло баштайт. Биринчи жардам көрсөтүү үчүн уланган адамды булганган чөйрөдөн алып чыгып, терige жуккан уулу 1—2% уксус к-тасынын эритмеси м-н сүртүп, кычкылтек м-н карбоген берилет. Кан алып (200—400 *мл*), анын ордуна 30—40 *мл* 40%-түү глюкоза эритмеси куюлат. Өтө уланганда, жүрөк кан тамыр ж-а дем алуу системаларын дүүлүктүрүүчү дарылар м-н бирге метилен көгү же хромосом куюлат.

АНИМАЛИСТТИК ЖАНР — живописте, скульптурада ж-а графикада айбанаттар сүрөтүнүн тартылышы. А. ж-да табият ж-а көркөм таануу айкалышат. Ал баамчылдыкты ж-а табиятка ынтызарлыкты өөрчүтөт. Анималист художник жаныбарлардын жүрүм-турумун, сезим-туюмдарын, кыял-жоругун элестүү мүнөздөп берет (мис., станковый живописте ж-а скульптурада, эстампта); фигуранын, силөкөттүн, көркөмдөөнүн өзгөчө түюмдуулугу (декоративдүүлүгү) парк скульптурасында, кептелерде, чакан пластикада чоң маанige ээ; көнчүлүк учурда (айрыкча жомокторго, тамсилдерге берилген иллюстрацияларда, аллегориялык ж-а сатиралык сүрөттөрдө) айбанатка адамдык касиеттер берилет. Ил. ж-а ил.-популярдуу китептерди иллюстрациялаганда айбанаттын силөкөтү таамай тартылат.

А. ж-дын баштапкы үлгүлөрү байыркы заманда эле пайда болгон. Ташка чегилген байыркы сүрөттөрдө айбандардын, илбээсиндин силөкөтү, мүнөздүү белгилери, кыял-жоругу так берилген. Байыркы Чыгыштын, Африканын, Океаниянын, байыркы Американын сүрөт эстеликтеринде айбанат фигуралары стилдештирилип



Е. А. Лансере. Өргүүдөгү үйүр.



А. А. Сгибнев. «Чаарчык».



Туш кийиздин фрагменттери.

сүрөттөлгөн. Айбанаттарды сүрөттөө античный скульптурада, ваза жазууларында, мозаикада да көп учурайт; о. к. кылымдагы европ. иск-водо жырткычтардын ж-а канаттуулардын аллегориялык, фольклордук образдары кеңири таралган. Кайра жаралуу доорундагы художниктер айбандарды натурадан тарта башташкан (Пизанелло, А. Дюрер). Бирок пейзажга, натюрмортко ж-а тиричиликке байланышкан өзгөчө А. ж. ж-а пукура анималист художниктер Кытайда Тан (Хань Хуан, 8-к.) ж-а Сун (Му-пи, 13-к.) доорунда, а Европада 17-к. нидерландда болгон: Нидерландтарда (П. Поттер, А. Кёйп), Фландрияда (Ф. Снейдерс, Я. Фейт), 18-к-дагы Францияда (Ж. Б. Удри), Россияда (И. Ф. Гроот). 19—20-к-дардын аралыгында А. ж. көпчүлүк өлкөлөрдүн иск-восуна тарады.

Ад.: Ватагин В. А., Изображение животного, М., 1967.

АНИМИЗМ (лат. anima жө animus — жан) — бардык перселер м-н кубулуштарда жашырынып жата турган ж-а аларды «башкара» турган жаратылыштан тышкары күчтөрго — дух ж-а жанга ишенүүчү диний мистикалык агым. А. алгачкы общиналык коомдо пайда болгон. Бул мезгилде өндүргүч күчтөрдүн начар өнүккөндүгүнөн, адам табияттын күчтөрүнө каршы күрөштө алсыздык кылып, өз турмушунда кезиккен ар түрдүү көрүнүштөрдү (түш көрүү, уктоо, эстен тануу, өлүү ж. б.) түшүнө алган эмес. Алгачкы адамдар жан дене м-н байланыштуу ж-а ал денеден чыгып кетет деп эсептешкен. Бара-бара абстрактуу ойлоонун өнүгүшү м-н материалдык перселерге байланыштуу болгон дух ж-дөгү түшүнүктөр пайда болгон. Алгачкы община бузула баштаган мезгилде, мына ушундай көрүнүштөрго ишенүү ж-а бул ишенимге кызмат кылуучу адамдардын тобу — шамандар пайда болуп, анимистик сыйынуунун жог. формасы — шаманизм кеңири таралган. Өнүгүүнүн бул процесси бир кудайга ишенүү м-н аяктаган. А.— ар кандай диндин ажыратылгыс элементи, идеализмдин негизги тамырларынын бири. Тигил дүйнөгө, олуя-периштелерге, жин-шайтандарга, арбактарга, аян берүүчү түшкө ишенүү — А-ден калган саркындылар. Диалек. методго негизделген матер. философия ааламда эч кандай жаратылыштан тышкары турган күч жок, жаратылыштагы ж-а коомдогу бардык перселер м-н көрүнүштөр материя кыймылынын ар түрдүү көрүнүштөрүнө, өнүгүү закондуна негизделет деп үйрөтөт.

АНИЧКОВ Николай Николаевич [22.10(3.11). 1885—7.12. 1964] — сов. патоморфолог, СССР ИАнын (1939) ж-а СССР мед. ИАнын акад. (1944). СССР мед. ИАнын президенти (1946—53). Мед. кызматтын ген.-лейтенанты. 1909-ж. Аскердик-мед. академияны бүткөн. 1920—46-ж. ошол академиянын проф., 1920-жылдан СССР мед. ИАнын эксперименттик мед. ин-тунун патологиялык анат. бөлүмүн башкарган. Негизги эмгектери кан тамырларынын патологиясын изилдөөгө арналган. **Атеросклероз**, ретикулоэндотелиалдык системанын морфологиясы ж-а функциясын изилдөөдө белгилүү үлүш кошкон. Инфекциялык процесстердин пайда болушунда аутоинфекция ж-дөгү маселени жаңыча баяндап жаагаң. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1942), 3 Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Ал СССР Жог. Советинин 2-шайл. депутаты, БСЭнин 2-басылышынын башкы редакциясынын мүчөсү болгон.

АНИЧКОВ Сергей Викторович [8(20). 9. 1892-ж. т., Петербург] — сов. фармаколог, СССР мед. ИАнын акад. (1950), СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1951), Соц. Эмг. Баатыры (1967). 1918-ж. Петроградтагы мед. ин-ту бүтүргөн. Аскердик мед. академиянын (1924—37) ж-а Ленинград санитардык-гигиеналык мед. ин-тунун (1945) проф. СССР мед. ИАнын экспериментик мед. ин-тунун фармакология бөлүмүнүн (1948-ж-дан) башчысы. Проф. М. Л. Беленький м-н бирге жазган «Фармакология» окуу китеби чоң кадыр-баркка ээ. А-дун эмгектери негизинен дары-дармектердин перв ж-а жүрөк-кан тамыр системаларына тийгизчү таасирлерин изилдөөгө арналган. А-дун жетекчилиги м-н бир катар баалуу жаңы дарылар жасалды. 1956-ж. Физиологдордун эл аралык 20-конгрессинде А. фармакологдордун Эл аралык советине СССРден өкүл болуп шайланган. Хельсинки ж-а Прагадагы Карл университин ардактуу доктору, 2 Ленин ордени м-н сыйланган.

АНКАРА (мурдагы аты — Ангора, байыркы Анкира) — Түркиянын борбор (1923) шаары. Анатолий платосунда, Чубук м-н Анкара д-ларынын кошулган жеринде, деңиз деңг. 891 *м* бийиктикте. Калкы 1,4 млн. (1972). 7-к-да негизделген. Авиац. ж-а аскер куралдарын чыгаруучу з-ддор, болот эритүүчү, машина куруучу чакан ишканалар, айнек, жыгач буюмдарын жасоочу, кездеме токуу, тери ж-а тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Президент двореци, ун-ттер, консерватория, 6 театр, археол. ж-а этногр. музейлери, мечиттер, Улуттук китепкана ж. б. бар.

АНКАРА КИТЕПКАНАСЫ — Түркиянын улуттук китепканасы (1946). Фондусунда 451 536 том (1967), мезгилдүү 2800 жыйнак, араб, фарс тилдеринде 2200гө жакын кол жазма, 10 миң микрофильм бар. А. к. Түркиянын улуттук ад-тыюн мезгилдүү басма сөзүнүн, чет эл ад-ттарынын, театр иштинин библиографиясын ж-а Улуттук китепкананын жаңылыктарын көрсөткөн «Бюллетень» чыгарып турат.

АНКЕР (нем. Anker — якорь) — саатты жүргүзүүчү механизмдин якорго окшогон бөлүгү. Аны саат ойлогуч У. Клемент ойлоп чыгарган (1675). А. сааттын маятнигин же балансын жүргүзгүч барлар м-н байланыштырат да, маятниктин термелүүсүн улантышына түрткү берип, термелүү кыймылын сааттын бараларынын бир калыптагы айлануу кыймылына өзгөртөт. Маятник толук бир термелүү жасаганда, А. бараны бир тишке жылдырып, саат жебесинин дайыма бир калыпта жүрүшүн камсыз кылат. Формасы якорго окшош бекиткичтер, к. *Анкер бекиткич*.

АНКЕР БЕКИТКИЧ (штанга лык) — кен казууда тоо тектерин уратпай карман туруучу бекиткич. А. б-нин негизги элементи — уз. 0,7—3 *м* келген металл анкер (штанга). Ал бургуланган шпурга киргизилип, шынаа, кергич бөрк ж-а гайка м-н бекитилет. Кен казууда темир-бетон анкери колдонулганда, шпурга болотвым арматурасы орнотулуп, ага кум-цемент аралашмасы толтурулуп жасалат. А. б-тин жардамы м-н тоо тектеринин начарыраак катмары бир кыйла чың катмарга ныкталып жабыштырылганда, ал урабай бекем болуп калат.

АНКЕРИТ (австр. минералог М. Анкердин ысмынан), күрөң шпат — доломит тобундагы татаал карбонат минералы. Хим. формуласы Ca(Mg, Fe)$[CO_3]_2$. *Тригон системасында* кристалдданат. Өңү ак, боз, кызгылт күрөң. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3,5. Салышт. салм. 2,9—3. Жаратылышта негизинен гидротермалык полиметалл ж-а кычкыл карбонаттуу темир рудаларынын метасоматоз кендеринде болот.

Анкара шаарынын бир бөлүгү.





Н. Н. Аничков.



С. В. Аничков.

АНКЕТА МЕТОДУ (фр. enquête — изилдөө) — конкреттүү социалдык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн тех. жолдорунун бири. Бул социол., социалдык-психол., экон., демографиялык ж. б. изилдөөлөрдү жүргүзүүдө пайдаланылат. А. методу көпчүлүктүн белгилүү бир маселеге тиешеси бар экенин же пикирин аныктоо үчүн колдонулат. Анкета 3 түрдүү толтурулат: 1) жекече; 2) группалык; 3) почта аркылуу суроо-жооп алуу. Жыйналган маалыматтарды талдоодо алынган маалыматтардын объективдүү чындыкка шайкештигине көп маани берилет. Конкреттүү социол. изилдөөлөрдү жүргүзгөндө, анкеталарды канча адамга таратуу керек экендигин, изилдөөнүн максаты м-н милдетине карай адамдарды тандоо, алардын билим даражасын, жашын, кызмат абалын ж. б. жагдайларын алдын ала аныктоо, ушуга байланыштуу анкеталар таратыла турган адамдарды топторго бөлүү маселелерин ил. негизде чечүү зарыл.

АНКИЛОЗДООЧУ СПОНДИЛОАРТРИТ (гр. spondylos—омуртка, arthron—муун, ankylopoetica—кыймылсыз) — бириктиргич муундардын узакка сезгенишинен омурткалардын сенек болушу. А. с. көбүнчө бел, моюн, көкүрөк омурткаларында болот. Дарт көбүнчө кызыл жүгүрүк, муун аксак, келте, астынан сезгенүү, котон жара, дизентерия өндүү жугуштуу оорулардан кийин пайда болот. Омурткаларды бириктирүүчү тарамыштар м-н кемирчектердин сөөкө айланышынан омурткадагы кыймыл кемип, бара-бара оорулуу адам башын, денесин бура албай какыйып, басканы кибиреп, дем алуусу бузулат, омурткалары ооруйт. Бирөө чакырганда, кеселман бүткүл денеси м-н бурулуп карайт. Дарт омурткаларды рентген аркылуу сүрөткө тартуу жолу м-н аныкталат. Оорулууну дарылоодо *айыктыруучу физкультура;* Саки, Липецк, Пятигорск, Серноводск, Цхалтубо курортторунда баткак м-н дарылоо; күкүрт суутектүү, радондуу ван-

наларды алуу; дарылардан: кортизон, бутазолидин ж. б. колдонулат.

Ад.: Пермяков Н. К., Анкилозирующий спондилоартроз (спондилоартрит) многотомн. руководство по пат. анат., под ред. Струкова А. И., т. 6., М., 1962; Чаклин В. Д., Ортопедия, М., 1954.

АНКИЛОСТОМИДАЛАР (Ancylostomatidae) — кишинин, сүт эмүүчүлөрдүн ичегисинде мителик кылуучу жумуру курттар тукуму. Бардык материктерде, айрыкча тропик ж-а субтропикте таралган. Кишиде анкилостома (уз. 8—13 *мм*) ж-а некатор (уз. 6—12 *мм*), ал эми сүт эмүүчүлөрдө Ancylostoma caninum (9—12 *мм*) мителик кылат. А. кишинин териси же тамак-аш (личинкалары) аркылуу жугат. Анкилостома жугузган оорулар анкилостомоз, некатор мителери жугузган оорулар некатороз деп аталат.

АНКИЛОСТОМИДОЗ — кишинин ичегисинде мителик кылуучу жумуру курттар — анкилостомидалардан пайда болуучу оору. Ancylostoma duodenale — анкилостомоз, Necator americanus некатороз ооруларын пайда кылат. А. жер шарынын тропиктик ж-а субтропиктик зоналарында, Түш. ж-а Борб. Америкада, Азия, Африкада таралган. СССРде некатороз Грузин ж-а Азерб. ССРинде, анкилостомоз Түркмөн ж-а Өзбек ССРинин кээ бир райондорунда учурайт. Ооруу адамдын заңы м-н чыккан мите-курттун жумурткалары жерде личинкаларга айланып, булганган жашылча, мөмө жемиштер аркылуу таза кишинин ичине кирет. Ичке кирген личинкалар чоң куртка айланып, ичегинин былжырлуу кабыгын жаралап, канатат. Ооруган кишинин карыны м-н боорунун тушу ооруп, ал зарна болуп, кусат. Заңынан митенин жумурткасы табылганда, дарт аныкталат. А-дун алдын алууда булганган жерлерди зыянсыздандыруунун ж-а жекече тазалыкты сактоонун мааниси зор.

АНКИЛОСТОМОЗ (Ancylostomosis) — иттин ж-а жырткыч айбандардын ичегисинен кармоочу ылаң. Аны майда жумуру мите курттар — анкилостомалар пайда кылат. А. негизинен Ы. Чыгышта, О. Азияда кездешет. Ылаңдаган айбандын ичегиси канталап, чычкактайт, жүдөп, арыктайт, көп жатат. Анкилостомалар айбандардын ичегисинде уялап, жумурткалары кан-жини м-н тышкы чөйрөгө бөлүнүп чыгат да, личинкалары жем, суу аркылуу кайрадан айбандардын организмине кирет. Ылаңдын диагнозу лаборат. изилдөөнүн негизинде аныкталат. Дары катары 4 хлордуу углерод ж-а тетрахлорэтилен колдонулат. Аны болтурбоо үчүн айбандар дайыма гельминттен арылтылып турат.

АННАБА — Алжирдин түндүгүндөгү Аннаба булуңунун жээгинде, Джабал-Эдуг тоосунун чыг. этегинде жайгашкан порт-шаар, аба ж-а т. жолдорунун тоому. Калкы 169 миң (1966). Металл иштетүү, тамак-аш, химия, кездеме токуу ө. ж. ишканалары бар. СССРдин жардамы м-н металлургия комбинаты курулган. А. аркылуу чет мамлекеттерге фосфорит, темир ж-а а. ч. сырьёлору чыгарылат.

АННАКУЛИЕВА Аннагүл (31. 12. 1924-ж. т.) — түркмөн совет ырчысы (сопрано), СССР эл артисткасы (1965). 1952-жылдан КПССтин мүчөсү. Түркмөн опера ж-а балет театрында 1941-жылдан бери иштейт. Ал орус ж-а европ. классиктердин, түркмөн композиторлорунун опералырындагы баш каармандардын партияларын чебер аткарган. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АННАЛДАР (лат. annus — жыл) — ар жылдагы олуттуу окуяларды каттоо; тарыхый-баяндоо даректеринин адеп-ки формасы, жазма санжыра. Жылына каттоо байыркы заманда көп элдерде болгон, бирок «А.» термини Байыркы Римден келип чыгат. Анда жылында болгон олуттуу окуяларды тактайга жазып, элге жарыя көрсөтүп коюла турган. Б. з. ч. 387-ж. Римдеги өрттөн улам, кыязы, А. жок болуп кетсе керек, кийин эсте калгандары кайта жазылып, улантылган. 130-жылга жакын А. 80 китепке чогултулган («Чоң Анналдар» жыйнагы). 123—114-ж. А-ды жазуу токтотулган, бирок *анналчылардын* чыг-лары үчүн жазма дарек болуп калган. Руста А. летопись (хроникалык баяндоолор) деп аталат.

АННАЛЧЫЛАР — жыл сайын болгон окуяларды проза түрүндө жазуучу байыркы рим тарыхчылары. А-дын чыг-лары патриоттук багыт алгандыгы м-н айырмаланган. Алар улуу (б. з. ч. 3—2-к-дын 1-жарымы), ортончу (б. з. ч. 2-к-дын 2-жарымы) ж-а кенже (б. з. ч. 1-к-дын 1-жарымы) А. болуп бөлүнөт. Улуу А. анналдарды, фасталарды, үй-бүлө хроникаларын, өз көзү м-н көргөн кишилердин айтып бергендерин ж-а өз байкоолорун пайдаланышкандыктан, жазгандары чындыкка жакын болгон. Алар негизинен грек тилинде жазышкан. Улуу А-дан Квинт Фабий Пиктор («Анналдардын» автору, б. з. ч. 201-ж.), Л. Цинций Алимент, М. Порций Катон Старший ж. б. өзгөчө белгилүү. Ортончу А. улуулар пайдаланган булактардан эле пайдаланышкан, бирок баяндоолорун күлкүлүү перселерди (Л. Кассий Гемина) же жомокторду туура түшүндүрүү аракеттери м-н (Л. Кальпурний Пизон) күчөтүшкөн. Кенже А-га Клавдий Квадригарий, Валерий Анциат, Элий Туберон ж. б. кирет. Ортончу ж-а кенже А. латын тилинде жазышкан. А-дын чыг-лары бизге чейин келип жетти.

АННАМ ТООЛОРУ — Вьетнам м-н Лаостогу тайпак тоо. Индокытай ж. а-ынын чыг. бөлүгүнөн орун алган. Уз. 1300 *м*, туурасы 300 *км*. Бийикт. 3280 *м* ге чейин. А. т-нун түн. бөлүгү аки таш, кумдук, түштүгү базальт тоо тектеринен түзүлгөн. Тоонун деңиз тарабы жылга-жылыттуу, ички бөлүгү жапыз дөңсоолуу. Меконг (Секонг, Сесам), Сонгба, Лагна өңдүү ири дарыялар агып чыгат. Тоо арасындагы түздүктөрдө саванна, капталдарында тропик токойлору (пальма, бамбук, рододендрон), бийик тоолордо жазы жалбырактуу токойлор (эмен, каштан, кызыл карагай) өсөт.

АННЕКСИЯ (лат. annexio — бириктирилген) — башка өлкөгө же элге тийиштүү терр-яны бүт же жарым-жартылай тартып же басып алуу. 1898-ж. АКШнын Гуам м-н Пуэрто-Рикону, 1848-ж. Мексиканын бир топ жерин басып алуусу А-га жатат. А.— импер. мамлекеттерге таандык саясат. 1917-ж. Советтердин Бүткүл росс. 2-съезди кабыл алган Тынчтык ж-дөгү Декретте А-га аныктама берилип, СССР ага каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүүдө.

АННОТАЦИЯ (лат. annotatio — пикир) — китептердин, макалалардын же кол жазмалардын саясий-идеялык багыты, мазмуну, баалуулугу ж. б. ж-дөгү кыскача мүнөздөмө. А. сунуш түрүндө да жазылат. А-ланган библ. көрсөткүчтөр окурмандардын чыг-ларды тандап алуусуна жардам берет.

АНОД (гр. ánodos — жогору) — 1. Ток булагынын (электр аккумуляторунун, гальваникалык элементтин, электр машиналарынын) оң потенциалга ээ болгон уюлу же клеммасы. 2. Электр вакуумдук. электр-тех. ж-а радиотех. приборлордо ток булагынын оң уюлу м-н туташтырылган электрод.

АНОМАЛИЯЛЫК ӨСҮҮ (гр. anomalos — нормадан тышкары) — айрым органдын же бүтүндөй организмдин өсүп жетилүүсүндө аларга мүнөзсүз түзүлүштүн пайда болушу. Кээ бир мүчөнүн өспөй калышы, начар жетилиши же өтө өсүп кетиши, эриндин, таңдайдын жырык болуп калышы, жүрөктүн тубаса начар иштеши А. ө. болуп саналат. Ар бир миң төрөлгөндүн ичинен 10 балада А. ө. кездешет. Генет., мех., физ., хим., радиациялык факторлордун, о. эле оору пайда кылуучу микробдордун түйүлдүккө тийгизген залалы А. ө-гө алып келет. А. ө-нүн оор түрүнө тубаса майыптык кирет. Балада А. ө. болбосун үчүн боюнда бар аялдарды түрдүү оорудан сактоо, рентгенге көп карабоо, түйүлдүккө таасир этүүчү дарыларды бербөөнүн орчундуу мааниси бар. Кээ бир А. ө-нү дарылоодо хирургиялык жолдор колдонулат.

АНОРТИТ (гр. ánorthos—кыйгач, кыйшык)—*плагиоклаздар* тобундагы минерал. Хим. формуласы $Ca[Al_2Si_2O_8]$. *Триклин системасында* кристаллданат. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6, салышт. салм. 2,76. Өңү ак, көгүш кызгылт, айнек сымал жалтырак. Таза А. сейрек кездешет. Скарн м-н роговиктерде, кээде метеориттерде

жолугат. А.— магмалык негиздүү тоо тектерди түзүүчү минералдардын бири.

АНОРТОЗИТ (фр. anorthose — плагиоклаз), лабрадорит, олигоклазит, плагиоклазит — көбү орто ж-а негиздүү *плагиоклаздан* турган *габбро* тобундагы магмалык тоо тек. А-тин составында кошунду катарында пироксен, оливин, магнетит, титаномагнетит ж. б. болот. Өңү ак, боз, күңүрт кара, кээде көк ж-а көгүш келип, кубулуп турат. А-тин кубулган түрлөрү эстелик жасоо ж-а имараттарды кооздоо үчүн колдонулат. В. И. Лениндин мавзолейин куруда башка материалдар м-н катар Украинадан табылган *лабрадориттер* пайдаланылган.

АНОФТАЛЬМ (*ан...* ж-а гр. ophtalmós— көз) — бир же эки көздүн жоктугу. А. көбүнчө көздүн ар кандай оор майып болууларга туш келүүсүнөн же көрбөгөн көздүн катуу оорушуна байланыштуу аны хирургиялык операция жолу м-н алып таштоодон кийин болот. Айрым учурда А. тубаса түрүндө да кездешүүсү мүмкүн.

АНОШИН Александр Григорьевич (1878—1958) — Ош у-де большевиктер тобун уюштургандардын ж-а Совет бийлигин орнотууга активдүү катышкандардын бири. 1905-жылдан Коммунисттик партиянын мүчөсү. Жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Рев-ялык ишке катышкандыгы үчүн 1908-ж. Омск ш-нан Түркстан крайына айдалып келген. Бул жерде жумушчулар м-н кол өнөрчүлөрдүн арасында рев-ялык иштерди жүргүзгөн. Февр. бурж.-демокр. рев-ясынын убагында ал Ош ш-нын аскер гарнизонундагы солдаттардын ж-а шаар калкынын арасында саясий-түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. 1917-ж. май айында Ош ш-да большевиктердин алгачкы тобун уюштурган. Анын жетекчилиги м-н уездик борбордун большевиктери 1918-ж. янв. айында Убактылуу өкмөттүн бийлигин кулатып, Совет бийлигин орнотушкан. Ал Жумушчу, солдат ж-а мусулман депутаттар Советтеринин уездик аткомунун пред-лдигине шайланып, уездик аскер комиссары болуп да бекитилген. 1918-ж. басмачыларга каршы күрөштү уюштуруп, ага башчылык кылган. 1919—24-ж. Ферганада парт. сов. кызматтарда, андан кийин Борб. кызматтарда иштеп жүрүп, пенсияга чыккан.

АНСАМБЛЬ (фр. ensemble — бирге, чогуу) — архитектурада идеялык-көркөмдүк, архит. ойлор б-ча чечилген имараттардын, аянттардын, монументалдык живописттин, скульптуранын композициялык биримдиги. А.— архит. чыг-лыктын жог. формасы. Имараттардын, дарак отургузуунун да өзүнчө А-и болот. Сов. доордо архит. А. шаарды өнүгөлөө м-н анын жалпы көрүнүшүнө ажыралгыс түрдө айкалышып турат. Мис., Фрунзенин Борб. скверин дарактардын симметриялуу жайгашышынан, газондордун, эстеликтин ж-а фонтандын биригип айкалышынан түзүлүп, тегерегиндеги архит. имараттарга кошулуп, шаардын ажырагыс кооз бөлүгү болуп турат.



Ленинграддагы Васильевский аралына түшкөн ансамбль. 19-кылымдын 1-жарымы.



Каракастагы Венесуэла аянтынын ансамбли. Венесуэла.

АНСАМБЛЬ (үндөштүк, бирдейлик)— 1) муз. чыг-ны бир нече кишинин аткарышы; 2) бирдиктүү көркөм коллектив катары чыгуучу артисттердин тобу; 3) аткаруучулардын, аспапчылардын же вокалисттердин чакан тобу аткаруучу муз. чыгарма. Аткаруучулардын санына жараша А-ди төмөндөгүдөй бөлүшөт: дуэт (2 аткаруучу), трио же терцет (3), квартет (4), квинтет (5), секстет (6), септет (7), октет (8), нонет (9), децимет (10) ж. б. Кээде катышуучулары кыскартылган хор ж-а оркестр коллективдери да А. деп аталат. Өз алдынча чыг. катары А. камералык (аспаптык ж-а вокалдык) муз. жаанына таандык. А. операнын, ораториянын, кантатанын составына да кирет, окуянын драм. өнүгүшүндө маанилүү роль ойнойт. Театр өнөрүндө А. артисттердин бирге аткаруусунун шайкеш келишин, ыраатуулугун, маштыгын түшүндүрөт. Театрдын бүткүл өнүгүү тарыхында А. жог. проф. актёрдук коллективдердин ашкере ийкемдүүлүккө жетишкендиги болот. А. көркөмдүктөгү татаал маселелерди чечүүнүн каражаты болуп калды. Анда ар кандай мазмундагы ж-а стилдеги спектаклдин сахналык мад-тынын деңгээли ачык көрүнөт.

АНСЭЙ ДОГОВОРЛОРУ — 1854—58-ж. Америка ж. б. державалар м-н Япониянын ортосунда түзүлгөн тең укуксуз договорлор. А. д. Япониянын 2 к-дан ашык мезгилге тышкы дүйнө м-н байланыштырбай койду. АКШнын опузасы м-н 1854-ж. Канагавда биринчи амер.-япон. договор түзүлүп, амер. кемелер Хакодато ж-а Симода портторуна соода жүргүзбөсө да, эркин кирүү укугун алган. Япония ушундай эле договорлорду Англия, Россия м-н да түзүүгө аргасыз болгон. 1857-ж. АКШ үчүн пайдалуураак жаңы договор, ал эми 1858-ж. Япония үчүн көз каранды кылуучу соода договору түзүлдү. Ушуга окшош договорлор 1858-ж. Япония м-н Россия, Англия, Франция мамлекети ортосунда да түзүлгөн. А. д. чет өлкөлүк соодагерлерге Япония м-н тоскоолсуз соода жүргүзүүгө жол ачып, бул мамлекетти дүйн. капит. рынокко кошкон. Бирок Япония таможнялык автономия укугунан ажыратылып, сырттан ташылып кирген товарга бажыны өтө аз алган.

АНТ — эч качан бузулбас убада берүү. Бул жоокерчиликте, достошууда, жолдошчулукта, ар кандай жашырын иштерде колдонулат. Жоокерлер элдин эркиндиги, намысы үчүн жоого каршы аттанаарда жан албаска шерттешип, кылычтын мизин өбүшүп А. беришет. Мекенин коргоо милдетин өтөөдө А. берүү салты азыр жаңы мазмун м-н байыды.

АНТАБЛЕМЕНТ (фр. entablement — стол, тактай) — көбүнчө колоннанын үстүндө жайгашкан курулуштун жог. бөлүгү. Классикалык архитектуранын ордериндеги айрым бөлүктөр: архитрав, фриз ж-а карниз А-ти түзөт. Кээде толук эмес фризсиз А. да болот. Ал жыгач устундун негизинде келип чыккан. Ошондуктан өз формасы м-н анын түзүлүшүн элестетип турат.

АНТАГОНИЗМ (гр. antaqonisma — биреөгө же бир нерсеге каршы күрөшөмүн)—келишпес кас багыттардын, күчтөрдүн, коомдук таптардын күрөшүн мүнөздөөчү карама-каршылыктардын бир формасы. А. кул ээлөөчүлүк, феод. ж-а капит. формацияларга мүнөздүү болуп, социалдык рев-ялар аркылуу чечилип келген. Капитализмдин шартында өндүргүч күчтөрдүн коомдук мүнөзү м-н жеке менчикке негизделген өндүрүштүк мамилелердин өз ара карама-каршылыгынан буржуазия м-н пролетариаттын келишпес күрөшү келип чыгат. Марксизм антагонисттик формациялардагы

таптардын ортосундагы А-ди талдап келип, капитализмден социализмге өтүү мезгилинде А. тап күрөшү аркылуу чечилерин, анын формасы ж-а мазмуну ошол күрөштүн жүрүшүнүн конкреттүү тарыхый шарттары м-н аныкталарын көрсөттү. «А.» термини карама-каршы күчтөрдүн күрөшү маанисинде табигый илимдерде да колдонулат.

АНТАЛКИД ТЫНЧТЫГЫ (б. з. ч. 387-ж.) — Спартанын ж-а Афины м-н Фиванын ортосундагы Коринф согушу (395—387) аяктагандан кийин түзүлгөн тынчтык келишими. А. т. б-ча Греция грек-перс согушунда (б. з. ч. 500—449-ж.) жеңип алгандарынан ажыратылып, кайрадан К. Азия шаарлары Ахеменилер династиясынын карамагына өтөт. А. т. Грецияда саясий бытырандылыктын күчөшүнө түрткү болгон. Бул келишим Спартанын өкүлү Анталкиддин аты м-н аталган. А. т-нын тексти Ксенофонттун «Грек тарыхында» баяндалат.

АНТАНАНАРИВУ, Тананариве — Малагасий Респ-касынын борбору. Мадагаскар а-нын ортосундагы платодо жайгашкан. Калкы 342,5 миң (1970). Шоссе жолдорунун тоому. Эл аралык маанидеги аэродрому бар. Бут кийим, хим., жыгач иштетүүчү, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-т, илимдер академиясы ж-а музей бар. 1960-ж. 26-июндан көз каранды эмес Малагасий Респ-касынын борбору.

АНТАНТА (фр. Entente cordiale — «ынкластуу макулдук») — Англиянын, Франциянын ж-а падышалык Россиянын импер. блогу. 1904—07-ж. калыптанып, 1914—18-жылдагы 1-дүйн. согуш тушунда герм. коалицияга каршы 20дан ашуун мамлекетти бириктирип турган. А-да мурда 1891—93-ж. Француз-орус союзу түзүлгөн. Ал 1882-ж. уюшулган *Үчтүк союзуна* — Германия башчылык кылган агрессиячыл блокко эрегиштен улам чыккан. Англия-Германия карама-каршылыктарынын күчөшү 1904-ж.— англис-француз, 1907-ж. англис-орус келишимдеринин, иш жүзүндө А-нын түзүлүшүнө алып келген. Үчтүк союзга ж-а А-га кирген негизги мамлекеттер дүйнөнү кайра бөлүштүрүүнүн импер. программасын иштеп чыгышкан. А-нын түзүлүшү ага кирген мамлекеттердин колония үчүн эрегишин жоё алган жок. 1-дүйн. согуш башталганда А. мамлекеттери чогуу аракеттенишкен. Россия, Англия, Франция 1914-ж. сентябрда Лондондо сепараттык тынчтык түзбөө ж-дөгү келишимге кол коюшкан, 1915-ж. буга Япония кошулган. Согуштун оорчулугун Россия, Франция көтөргөн. Окт. рев-ясы жеңген соң, Россия согуштан чыгып кеткен. Бул учурда А-нын составында 30 өлкө, анын ичинде АКШ, Англия, Бельгия, Франция, Бразилия, Япония, Гватемала, Гондурас, Греция, Италия, ж. б. мамлекеттер болгон. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин А. өлкөлөрүнүн импер. чөйрөлөрү Совет бийлигин кулатуу, Россияны бөлүү ж-а колония кылуу үчүн Совет мамлекетине 1918-ж. мартта куралдуу интервенция (к. *СССРдеги граждандык согуш жана чет өлкөлүк согуш интервенциясы)* жасашкан. Бирок А-нын ал жортуулдарын Компартия жетектеген совет эли талкалап салды. Контррев-ялык интервенциянын оңунан чыкпай калышы ага катышкандардын карама-каршылыктарын күчөтүп, акыры А-нын ойрон болушуна алып келди.

АНТАРА ИБН ШАДДАД (толук аты — Антара ибн Шаддад ибн Амр ибн Муавия аль-Абси; т. ж-а өлгөн ж. белгисиз) — 6-к-дын 2-жарымындагы араб акыны. Ал уруулар ортосундагы көп согуштарга катышып, ошолордун биринде курман болгон. Поэзиясынын негизги темасы — ашык болгон кызы Абле ж-а согуштук салгылашуулар. Бизге бир касыйдасы, ырларынын айрым үзүндүлөрү гана жеткен. А. ибн Ш. ж-дө көп легендалар бар. Ага арналган «Антардын жоругу» («Сират Антар») аттуу элдик романда А. ибн Ш. эр жүрөк, ишенимдүү, чынчыл, алсыздарды колдогон, аялдарды урматтаган, жоомарт, баатыр катары сүрөттөлөт. Роман жорго кара сөз м-н жазылган, ага 10 миңден ашуун ыр кирген. Роман Чыгышта 1869-жылдан басыла баштаган, 32 томдон турат.

АНТАРКТИДА — Антарктиканын борб. бөлүгүн ээлеп жаткан түш. полярдык материк.

Жалпы маалымат. А-нын аянты 13 975 миң $км^2$ (шельфтик муздуктар м-н аралдардын аянты 1582 миң $км^2$). Материктик сайроонду кошуп эсептегенде, 16 355 миң $км^2$ ге барабар. Түш. Америкага карай Антарктика ж. а. созулуп жатат, анын түн. чеги — Сифре тумшугу 63° 13′ түш. кеңдикке чейин жетет. Материктин «Жетүүгө кыйын полюс» деп аталуучу борб. бөлүгү болжол м-н 84° түш. кеңдикте, 64° чыг. узундукта, Түш. уюлдан 660 *км* аралыкта жайгашкан. А.— материктердин эң бийиги. Аны каптап жаткан муз катмарларынын үстүнкү бетинин орт. бийикт. 2040 *м* ге чейин жетип, калган материктерге салыштырганда 2,8 эсе бийик. Муз алдындагы жер бетинин орт. бийикт. 410 *м*. Геол. түзүлүшү ж-а рельефиндеги өзгөчөлүктөрүнө карата Чыг. ж-а Бат. А. болуп экиге бөлүнөт. Чыг. А-нын муз калканынын үстү жээктен чукул бийиктеп, материктин ички тарабын карай түзөңдөй берет; анын эң бийик жери борб. бөлүгүндө (Советтик плато р-ну, 4000 *м*) жатат да, негизги муз бөлгүч болуп эсептелет. Бат. А. жапызыраак келип (2000—2500 *м*), муз массаларынан турат. Муз калкандарынын алдындагы рельеф татаал түзүлүштө. Чыг. А. бийик тоолуу (4530 *м* ге чейин) ж-а терең чуңкурлуу. Бат. А-нын рельефи андан татаалыраак. Муз катмарларын «жарып» чыгып турган бийик тоолор (А-нын эң бийик жери — Сентинел кырка тоосу, 5140 *м*) ж-а өтө терең (2555 *м* ге чейин) өрөөндөр кездешет. Азыркы учурда материктин 99,7—99,8%ин муз каптап жатат. Муздун орт. калыңд. 1720 *м*, көлөмү 24 млн. $км^3$, б. а. жер шарындагы тузсуз суулардын көлөмүнүн 90%не барабар. Материктин ички аймагында бийик көтөрүлүп жаткан муз платолору жээкке карай жылган сайын кескин өзгөрүп, сынып, жарылып, океандын бетинде ургундай калкыма жалпак шельфтик муздарды (калыңд. 700 *м* ге чейинки) пайда кылат. Эңкейиш келген жерлердеги муз катмарлары жылына 1000—1500 *м* ге чейин жылат. Муз атмосф. жаан-чачындан (кар түрүндөгү) куралат. Материктеги муз катмары жылына 2200 $км^3$ ге көбөйөт ж-а айсбергдерди пайда кылуудан ошого жакын чыгымга учурайт.

Климаты. А-да жээк боюндагы райондорду кошпогондо, уюлдук континенттик климат басымдуу. Материкке түшкөн күн нурунун 90% кар ж-а музга чагылуудан кайра мейкиндикке таркап, 10% гана материкти жылытууга кетет. Ошондуктан А-нын радиациялык балансы терс, абанын темп-расы өтө төмөн. Борб. А.— жер шарындагы сууктуктун уюлу. Абс. эң төмөнкү темп-расы — 88,3°C экени 1960-ж. 24-августта сов. «Восток» станциясында байкалган. Кышкы айлардын орт. темп-расы —60, —70°C, жайкысы —30, —50°C. Материктин эң жылуу жери — Антарктика ж. а-да абанын жайкы темп-расы 10—12°Cге жетет. А-да дайыма антициклондук абал үстөмдүк кылгандыктан, суук аба борб. райондордон материктин чет жакаларын көздөй жылып, жээктерде катуу бороон жүрөт. Шамалдын жылдык орт. ылдамд. 12 *м/сек*, кээде 90 *м/сек* га жетет. Нымдуулук ж-а булуттуулук материктин борборунда төмөн (жылына 30—50 *мм*). Жээктик зонада 600—800 *мм* ге чейин кар жаайт. А-да муз каптабаган тоо массивдери, аска зоокалар, өрөөндөр ж-а жээктерге жакын жерде «оазистер» (Бангер оазиси, аянты 450 $км^2$; Ширмахер оазиси, мында 1961-ж. сов. «Новолазаревская» ил. станциясы ачылган), ал эми оазистерде туздуу көлдөр бар. Өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсүнө А. өтө



Антарктида. «Мирный» обсерваториясына жакын жердеги «император» пингвиндеринин колониясы.

жарды. Негизинен бир клеткалуу гүлсүз мох (анын 75 түрү), эңилчек (300 түрү), балыр, козу карын, бактериялар ж-а аз сандагы (Антарктика ж. а-да) чөп өсүмдүктөрү кездешет. Айбанаттары: пингвин, бороон кабарчысы, поморник, тюлень, кит, балык ж. б. Өсүмдүктөр ж-а жаныбарлары жээктик зонада, аралдарда, оазистерде болот.

Табигый райондору. Материктин бүткүл аянты антарктикалык чөл зонасында жатат. А. үч бийиктик алкакка ж-а бир нече табигый областтарга бөлүнөт. Төмөнкү (жээктик) алкак океандын жакындыгы, абанын жог. темп-ралуулугу, ландшафттарынын ар түрдүүлүгү м-н мүнөздөлөт. Ортоңку алкак (3000 *м* ге чейин) муз катмарларын, Бат. А-нын ички муз платолорун ж-а тоо кыркаларын алып жатат. Ушуга байланыштуу абанын темп-расы дайыма терс болуп, орг. дүйнө кээ бир күнөстүү жерлерде гана болот. Үчүнчү алкак (3000 *м* ден жогору) — түбөлүк аяздын зонасы.

Изилдениш тарыхы. Түш. уюл жакта материк бар экенин окумуштуулар мурунтан эле божомолдоп билишкен, бирок 19-к-дын башына чейин А-га бир да изилдөөчү жете алган эмес. 16—18-к-да саякатчылар материктен алыс жаткан айрым аралдарды ж-а архипелагдарды ачышкан (Буве а., 1739-ж., Кергелен а., 1771-ж. ж. б.). Ф. Ф. Беллинсгаузен м-н М. П. Лазарев башкарган орус экспедициясы (1819—21) А-га 1-болуп барып (1820-ж. январь-февраль), анын материк экенин далилдеген. Муздуу материкти, айрыкча анын жээктерин изилдөө иши 20-к-дын башында гана башталды. 1911-ж. 15—16-декабрда Р. Амундсен жетекчилик кылган Норвегия экспедициясы Түш. уюлга жеткен. 20—40-жылдарда ар кыл маршруттук, стационардык изилдөөлөр (авиацияны пайдалануу м-н) жүргүзүлгөн. Бирок А-нын сырын ачуу, материктин ички бөлүктөрүн системалуу түрдө изилдөө 1955—56-жылдан бери гана колго алынды. Эл аралык геофиз. жылдын (1957—58) ж-а Эл аралык геофиз. кызматташтыктын (1959—65) жылдарында 11 мамлекет материктин ар кайсы жеринде 57 ил. станция ачып, стационардуу база куруп, атайын кабыл алынган программа б-ча кеңири изилдөөлөр жүргүзгөн. Бул максатты ишке ашырууда Сов. Союзу зор роль ойноду. Сов. окумуштуулар 1955—73-ж. 11 ил. станция ачып, 19 жолу атайын деңиздик экспедиция уюштуруп, А-ны комплекстүү түрдө изилдеп жатышат. А-ны тынчтык максатта гана пайдаланууга 1958-ж. 1-декабрда атайын эл аралык келишим кабыл алынган.

Геологиялык түзүлүшү ж-а пайдалуу кендери. Материктин көпчүлүк бөлүгүн кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон Антарктида платформасы түзөт. Анын Тынч океан тарабы мезозой бүктөлүүсү м-н курчалган. Платформанын чыг. тарабындагы кристаллдуу фундаменттин калыңд. 15—20 *км* ге жетип, архей «заманындагы» гнейс, кристаллдуу сланец, мигматит, гранит тоо тектеринен турат. Фундаментти протерозой м-н палеозойдун чөкмөлөрү, жанар тоо тектери, терриген катмарлары ж-а трапптар жаап жатат. Анда кембрийге чейинки, алгачкы палеозойдогу габбро-анортозит, чарнокит ж-а мезозойдун башталышындагы нефелиндүү сиенит интрузиялары бар. Платформанын эң үстүңкү бөлүгү, девондон борго чейинки мезгилдердин кумдук, алевролит, чополуу сланец өңдүү ар түрдүү тоо тектеринен түзүлгөн. А-нын бүктөлүү кырчоосу структуралык үч яруска бөлүнөт. Төмөнкүсү (10—12 *км*) — пермь-триас мезгилинде пайда болгон карбонат-терриген катмарларынан; ортоңкусу (1—5 *км*) — юранын континенттик чөкмө катмарлары м-н жанар тоо тектеринен ж-а бор мезгилинин терриген деңиз чөкмөлөрүнөн; үстүңкүсү (2 *км*) — кумдук, конгломерат м-н катмарланган андезит ж-а базальт лаваларынан турат. А-да таш көмүр, темир кендери табылган. Слюда, графит, кварц, берилл, алтын, уран, молибден, жез, никель, коргошун, цинк, күмүш, титан кендери да бар экендиги аныкталды. Кийинки мезгилде (1972) Эймери муздугунун жанындагы тоолордон калыңд. 400 *м*, уз. ондогон *км* ге жеткен темирдин ири кени сов. изилдөөчүлөр тарабынан ачылган. Мында рудадагы темир 50% ке жетет.

Ад.: География Антарктиды, М., 1968; Атлас Антарктики, т. 1—2, М., 1966, 1969; Трешников А. Ф., История открытия и исследования Антарктиды, М., 1963; Фролов А. И., Материк Антарктида по данным геофизических исследований, М., 1971; Гусев А. М., Антарктика, океан и атмосфера. М., 1972.

АНТАРКТИКА (гр. antarktikós — антарктикалык, *анти...* ж-а arktikós — түндүк) — Антарктида материгин ж-а аны курчап жаткан океан мейкиндиктери м-н андагы майда аралдарды камтыган түш. полярдык область.

Жалпы маалыматы. А-нын чек арасы болжол м-н антарктика конвергенциясынын түн. абалынын сызыгы б-ча, б. а. 48—60° түш. кеңдиктеги аралыктан өтөт. О. эле А-га ушул сызыкка жакын жаткан Принс-Эдуард, Крозе, Макуори ж. б. аралдар кирет. Бул чек арадагы А-нын аянты 52,5 млн. $км^2$ ге жакын. Область антарктика ж-а субантарктика геогр. алкактарында жайгашкан. Биринчиси Антарктида материги ж-а аны курчап жаткан дайыма калкып жүрүүчү муздун тилкелери м-н аралдарды камтыйт. Экинчисине кышында муз каптаган ж-а такыр тоңбогон океан мейкиндиги м-н аралдар кирет.

Рельефи. Антарктиданын материктик тайыз жээги башка материктердин жээктерине караганда төмөн (500 *м*) жатат. Анын аймагында терең. 1000 *м* ге жеткен ойдуңдар м-н кобулдар бар. Суу алдындагы ири кырка тоолор (Австралия-Антарктика, Африка-Антарктика, Түш. Тынч океан), океан түбүндөгү Африка-Антарктика (терең. 6572 *м*), Австралия-Антарктика (6089 *м*), Беллинсгаузен (5395 *м*) сыяктуу котловиналарды бөлүп турат. Буларды бөлүп турган кырка тоолордун түзүлүшү ж-а рельефи татаал. Алардын чокулары көпчүлүк учурда деңиз деңгээлине жакын жатат, кээде суу үстүнө чыгып, аралдарды пайда кылат. Алсак, Африка-Антарктика кырка тоосунда — Буве, Принс-Эдуард, Крозе; Кергелен-Гауссберг кырка тоосунда — Кергелен ж-а Херд; Макуори тоосунда — Макуори; Түш. Антиль кырка тоосунда — Түш. Георгий, Түш. Сандвичев, Түш. Оркней а-дары жайгашкан. Кээ бир тоолордун жанар тоо конустары терең котловиналардан океан (бийикт. 3000—4000 *м*) үстүнө чейин көтөрүлүп жатат. Субантарктика а-дарына (Түш. Георгий, бийикт. 2934 *м*, Кергелен, Херд 2745 *м*, Түш. Сандвичев ж. б.) тоо рельефи мүнөздүү. А-нын рельефи эки категорияга (континенттик ж-а океандык) бөлүнөт. А-нын Антарктида материгиндеги континенттик бөлүгүнүн морфол. түзүлүшү материк айланасындагы деңиз түбүндө да кездешет.



Антарктика, «Обь» кемеси Антарктикада.

Климаты. А.— жер шарындагы эң суук область. Областта катуу шамал ж-а бороон болуп, туман басып турат. Материк үстүндө аба массаларынын кескин муздап кетишинен антарктика антициклону пайда болот; бир аз жылуу келген океандын үстүндө, тескерисинче, циклон алкагы түзүлөт да, циклондор батыштан чыгышты карай жылат. Субантарктика р-ндорунда суу массалары жылуураак болгондуктан, жылдык абанын темп-расы бирдей: эң жылуу айдын орт. темп-расы 10°С ден ашпайт, эң суук түн. р-ндордо 0°Сден төмөн түшпөйт, түштүгүндө—10°Сден төмөн. А-нын түн. бөлүгүндө, көбүнчө катуу соккон бат. шамалы (75 *м/сек)* өкүм сүрөт. Жаан-чачын жээкке жакын жерлерде карлап түшөт, түн. аралдарда көп учурда жамгыр жаайт. Жылдык жаан-чачыны Чыг. Антарктида жээктеринде 300—500 *мм*, А. ж. а-нын түн. бат. жээктеринде ж-а субантарктика аралдарында 1000 *мм* ге чейин.

Деңиз суулары ж-а моңгулору. Муздуу материк негизинен айсбергдердин эришинин натыйжасында океанга куюучу тузсуз суунун булагы болуп саналат. Темп-расы —1,8°Сден 1°Сге чейин (конвергенция сызыгына жакын 2°С ж-а тузд. 34‰) болгон суулар антарктикалык конвергенция сызыгына чейин таралган. Үстүнкү беттинен төмөнүрөөк тереңдиктеги суулар бир кыйла жылуу ж-а туздуу (темп-расы 1°С, тузд. 34,5—34,7‰). Андан төмөн жаткан суулардын темп-расы 0°С, тузд. 34,7‰. Түш. океан — Дүйн. океандын тынчы жогу, албуут. Толкундардын бийикт. 10—15 *м*, кээде 25 *м* ге чейин жетет. Суу 1—2 *м*, эң бийиги 3,25 *м* ге көтөрүлөт. Жыл мезгилине жараша деңиз муздарынын аянты өзгөрүп турат. Кыштын аягында материкти курчаган деңиз муздарынын эни 500—2000 *км* ге (аянты 20 млн. *км²)* чейин жетет. Жаз айларында деңиз муздарынын аянты 2,5 млн. *км²*ге жакын. Бир жылдык муздун калыңд. 1,5—2 *м*, көп жылдык муздар өтө аз. А. сууларында айсбергдер өтө көп. Алардын кээ бирлеринин уз. 170 *км* ге, суудан чыгып турган бөлүгүнүн бийикт. 50 *м* ге (кээде 100 *м)* жетет.

Ад.: Советская комплексная антарктическая экспедиция. Информационный бюллетень, в 1—66, Л., 1958—67; Проблемы Арктики и Антарктики. Сб. ст., вып. 1—27, Л., 1959—67; Русин Н. П., Метеорологический и радиационный режим Антарктиды, Л., 1961.

АНТАРКТИКА АЛКАГЫ — Жер шарынын эң түштүгүндөгү геогр. алкак. Антарктиданы ж-а ага жакын жаткан аралдарды ээлейт. А. а. негизинен ызгаардуу суук климаты, эң төмөнкү радиациялык балансы (жай айларынын орт. темп-расы нөлдөн төмөн), антарктикалык аба массаларынын үстөмдүк кылышы м-н айырмаланат. Биол. ж-а геохим. процесстер өтө жай жүрөт. А. а-нда материктик муздар ж-а муздак суу массалары өкүм сүрөт. Жердеги бардык моңгулордун 85,3% ушул алкакта жатат. Муздан бошонгон ачык жерлерде гана сейрек өскөн мох м-н эңилчектер учурайт.

АНТАРКТИКАЛЫК КЛИМАТ — Антарктиданын ж-а ага жанаша жайгашкан океан райондорунун климаты. А. к. материк ичиндеги, жээк эңкейишиндеги, жээк, антарктикалык оазис ж-а антарктикалык деңиз климаттары болуп бөлүнөт. Материк ичинде антициклондун таасиринен темп-ра өтө төмөн болуп, жел аргы үстөмдүк кылат. Жээк эңкейишинде жаан-чачын ж-а шамалдын жүрүшү бир кыйла көбөйөт. Жээк тилкесинин шамалы өтө катуу. Антарктика деңиздеринде басым кескин өзгөрүп турат, циклондук күчтүү шамал согот, к. *Антарктида.*

АНТВЕРПЕН — Бельгиянын түндүгүндөгү шаар, Антверпен провинциясынын админ. борбору. Кеме жүрүүчү Шельде д-сы м-н Альберта каналынын боюнда, Түн. деңизинен 90 *км* аралыкта жайгашкан. Дүйнөдөгү эң ири порттордун бири. Калкы 230,2 миң, шаардын чет-жакасы м-н 675,3 миң (1970). Шаардын ө. ж. тармактары ташылып келинген сырьёлорду кайрадан иштетүүгө, кеме жүргүзүү иштерин толук тейлөөгө негизделген. Кеме ж-а машина куруу, түстүү металлургия, нефтини кайра иштетүү, алмаздан кыр чыгаруу, химия, токуу, тамак-аш ө. ж-лары өнүккөн.

АНТЕКЛИЗА (*анти...* ж-а гр. klisis — ийүү) — *платформадагы* жер кыртышын түзүүчү катмарлардын кеңири аянтта узак убакыт бою жогору көтөрүлүүсүнөн пайда болгон капталдары бир аз эңкейиш тартып турган *тектоникалык структура.* А-нын пайда болушу бир нече геол. мезгилге чейин созулат. Анын көтөрүңкү жериндеги чөкмө тоо тек катмарларынын калыңдыгы жукарып, платформанын *фундаменти* жер бетине жакын жатат. Мис., *Орус платформасындагы* Волга — Урал, Воронеж, Белорус А-лары ж. б.

АНТЕННА (лат. antenna — рея) — электр-магниттик толкундарды таратуучу ж-а кабыл алуучу түзүлүш. Толкун таратуучу А. радио бергичтин чыгуу термелүү контурундагы жог. жыштыктагы электр-магниттик термелүүлөрдүн энергиясын радио толкундардын энергиясына өзгөртөт. Кабыл алуучу А. радио толкундардын энергиясын радио кабыл алгычтын кириш термелүү контурундагы энергияга айландырат. А-нын формасы, өлчөмдөрү ж-а конструкциясы таралуучу ж-а кабыл алынуучу радио толкундардын узундугуна ж-а А-ны пайдалануунун максатына жараша ар түрдүүчө алынат. Көбүнчө бир эле А. толкунду таратат ж-а кабыл алат. Таратуучу А. катарында колдонулган вибраторду Г. Герц 1889-ж. түзгөн. Биринчи кабыл алуучу А-ны орус илимпозу А. С. Попов 1895-ж. ойлоп чыгарган. Таратуучу А-нын көпчүлүгүндө толкун таратуунун ургалдуулугу радио толкундардын багытына жараша болот. Таралуучу кубаттуулуктун көбөйүшүн сап жагынан баалоо үчүн багытталган аракеттенүү коэффициенти (БАК) киргизилген. Узун толкундарды таратууда колдонулуучу А-нын бийикт. 300 *м* ге жетет. Узун толкунду горизонттук тегиздикте таратуу талап кылынса, активдүү вибратордон ж-а пассивдүү рефлектордон түзүлгөн татаал А. пайдаланылат. Орт. толкундарды кабыл алууда рама түрүндөгү магнит А-лары колдонулат. Кыска толкундуу А. байланыш линиясынын узундугуна жараша аныкталат. Өтө алыскы кыска толкундуу байланышта синфазалуу ж-а ромбалык А-лар пайдаланылат. Метр ж-а дециметрлик толкундарда радио ж-а теле берүүлөр үчүн көп кабаттуу турникеттик, панелдүү А-лар керектелет. Толкундун таралуу аймагын кеңейтүү үчүн А-лар бийикт. 100—300 *м*



Радиолокациялык антенна.

ж-а андан да бийик мунарага же мачтага орнотулат. Дүйнөдөгү эң бийик теле көрсөтүүчү А. (Останкино мунарасы, бийикт. 533 *м)* Москвада тургузулду. Теле көрсөтүүнүн берүүлөрү симметриялуу вибратор, «толкун каналы» тибиндеги А-лар м-н кабыл алынат. *Дм, см* ж-а *мм* лик толкундарды ичине алган өтө жог. жыштыктагы радио релелик байланыш линиясында, радиолокацияда, космостук байланышта ж-а радио астрономияда синфазалык беттик А-лар кеңири таралган. Бул толкундарда колдонулган линзалуу А. линзадан ж-а анын фокусуна орнотулган нурланткычтан турат. Линзалуу А-нын бир түрү — рупордуу-линзалуу А. чоң бурчка (60—70°ка) айлана турган рупордон ж-а анын чыгышына орнотулган линзадан түзүлөт. Линзанын нурланткычын фокустан тегиздикке (ошол фокус аркылуу өтүүчү ж-а линзанын огуна перпендикуляр болгон тегиздикке) жылдырганда, анын чыгышында толкун белгилүү бурчка бурулат. Мына ушуга жараша толкундун максимум таралуу багыты да бурулат. Линзалуу А-нын бул касиети радиолокатордо колдонулат. Өтө жог. жыштыктарда кеңири колдонулуучу күзгүлүү

А. параболоид түспөлүндөгү металл күзгүдөн ж-а нурланткычтан турат. Нурланткыч параболоиддин фокусуна орнотулат. Нурланткыч катары рупор, кичине рефлекторлуу вибратор, спираль алынат. Өтө жог. жыштыктуу толкундарды таратуу ж-а кабыл алуу үчүн спиралдуу ж-а диэлектрдик А-лар, импеданс А-сы пайдаланылып жатат. Радио байланышында кыска, метрдик ж-а сантиметрдик толкундарда өтө кеңири (10—20 эселүү) диапазондо иштөөчү, жыштыкка көз карандысыз болбогон А-лар кеңири колдонулуп келе жатат. Мындай А-нын кеңири таралган түрүнүн бири — логомезгилдүү А. А-ны жакшыртуу максатында ЭЭМди пайдалануу иш жүзүнө ашырылууда.

Ад.: Драбкин А. Л., Зузенко В. Л., Антенно-фидерное устройство, М., 1961; Айзенберг Г. З., Коротковолновые антенны, М., 1962.

АНТЕРИДИЙ (гр. antherós — гүлдөөчү) — папоротниктердин, кырк муундардын, плаундардын, мохтордун, балырлардын, козу карындардын эркектик жыныс органы. А-ден сперматозоиддер пайда болот. Алар антерозоиддер деп да аталат.

АНТЕЦЕДЕНТ ӨРӨӨНҮ (лат. antecedens — мурда болгон) — көтөрүлүп бараткан тоону же доңсоону кесип өткөн, геол. жашы б-ча доңсоодон мурда пайда болгон суу өрөөнү. Мындай өрөөн дарыя агып жаткан аймактын көтөрүлүүсүнөн суунун жерди оюп-жеш ылдамдыгы тезирээк болгондугунан келип чыгат. А. ө. кууш, терең ж-а капталдары тик болот. Кыргыздагы А. ө-нө: Боом, Сөөк, Үч-Кошкон ж. б. капчыгайлар кирет.

АНТИ... (гр. anti... — каршы) — карама-каршылыкты же душмандыкты түюндуруучу сөз алдына жалгануучу аффикс; о. эле татаал сөздөрдүн «каршы», «карама-каршы» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү (мис., *антиклерикализм, антилогарифм).*

АНТИ БӨЛҮКЧӨЛӨР — өздөрүнө «түгөй» бөлүкчөлөргө карата массалары ж. б. физ. мүнөздөмөлөрү бирдей, бирок алардан өз ара аракеттенүү белгиси м-н айырмаланган элементардык бөлүкчөлөрдүн группасы. Элементардык бөлүкчөлөрдүн ж-а аларга шайкеш келген. А. б-дүн массалары, спиндери, изотоптук спиндери, алардын жуптуулугу бирдей, ал эми электрдик, нуклондук заряддары магниттик моменттеринин чоңдуктары б-ча барабар, бирок белгилери жагынан карама-каршы. А. б-дүн жаратылышта бар экенин 1930-ж. 1-жолу англ. физик П. *Дирак* теория жүзүндө далилдеген. Анын теориясы б-ча бөлүкчө ж-а А. б. кагылышканда, алар жоюлуп (аннигиляцияланып), ордуна 2 же андан көп башка бөлүкчөлөр (мис., фотондор) пайда болот. 1932-ж. амер. физик К. Андерсон антиэлектронду (позитронду) тажрыйбада байкагандан кийин, башка А. б-дү изилдөө башталды. Жаратылышта кездешүүчү же жасалма түрдө алынган элементардык бөлүкчөлөр ж-а алардын. А. б. төмөнкүлөр: электрон м-н позитрон, μ^+ м-н μ^- мюондор, π^+ м-н π^-, K_+ м-н K^- — мезондор, протон м-н антипротон, нейтрон м-н антинейтрон, нейтрино м-н антинейтрино.

Ад.: Форд К., Мир элементарных частиц, пер. с англ., 1965; Власов Н. А., Антивещество, М., 1966.

АНТИ ЗАТ — *анти бөлүкчөлөрдөн* түзүлгөн зат. Заттын атомунун ядросу протондордон, нейтрондордон турат да, анын электрондору атом-оболочкасын түзөт. А. з-тын атом ядросу *антипротондордон* ж-а *антинейтрондордон* түзүлөт да, анын оболочкасындагы электрондордун ордун позитрондор ээлейт, к. *Анти бөлүкчөлөр.*

АНТИАПЕКС — асман сферасында апекске карама-каршы жаткан чекит, к. *Апекс.*

АНТИБИОТИКТЕР (*анти...* ж-а *био...)* микроорганизмдерден синтезделген, бактерия, микроб, вирустардын өсүшүн басаңдатуучу биол. негиздеги заттар. Микробдордон келип чыгып, аларга каршы касиети бар заттарды белгилөө иретинде Ваксман «А». деген терминди киргизген. Алар микроб, бактерия, вирустардын кай бир түрлөрүн өлтүрсө, башкаларынын өсүп-өнүгүшүн токтотот. А-ди чыгарууда микроорганизмдер дүйнөсүндөгү топтордун бири бирине карама-каршы өч болгондугу пайдаланылган. Орустун улуу физиологу И. И. Мечников ичегидеги зыяндуу чириткич бактерияларды жоюу үчүн айрандагы ачыткыч бактерияларды колдонууну сунуш кылган.

20-к-дын 40-жылдарына чейин дарылык касиети бар таза А. болгон эмес. 1939-ж. амер. илимпоз Р. Дюбо тиротрициндин, англ. илимпоздор Х. Флори, Дж. Чейин (1940) пенициллиндин, сов. илимпоздор Г. Ф. Гаузе, М. Г. Бражникова (1942) С грамицидиндин дарылык касиетин аныкташат. Азыркы учурда А-дин 2000ге жакын түрү белгилүү, бирок алардын 40ка жакыны гана дары катары колдонулат. А-ди узакка колдонгондо, териге *бөрү жатыш* чыгып же *кандидамикоз* оорусу пайда болушу мүмкүн. Ошондуктан А-ди ой келди колдонууга болбойт.

АНТИГЕН (*анти...* ж-а гр. gènos — пайда болуу) — адамдын ж-а жаныбарлардын организминин ички чөйрөсүнө киргенде, өзгөчө белоктун түрүн (антитело) пайда кылуучу, биол. негиздеги жог. молекулалуу заттар. А-го бөтөн белоктор (көбүнчө бактериялык негиздеги), айрым полисахариддер кирет. Тамак-аш сиңирүү органдарынын маңызынын таасири м-н А-дик касиетин жоготпоо үчүн, ал зат организмдин тканына ж-а суюктук системасына ийне аркылуу гана кириши керек. А-ди белокко тигил же бул хим. заттарды кошуп синтез жолу м-н алууга мүмкүн. А. организм үчүн сөзсүз бөтөн белок болуш керек. Мис., көпчүлүк башка жандыктын (аттын) гана сывороткасын куйганда, сөзсүз А. пайда болот. Ошондуктан ткандарды көчүрүүдө алардын туура келбестигине байланыштуу реакциялар көп кездешет.

АНТИГИТЛЕРДИК КОАЛИЦИЯ 2-дүйн. согушта (1939—45) гитлердик Германиянын, фаш. Италиянын, милитаристтик Япониянын ж-а алардын шериктери м-н союздаштарынын агрессиячыл блогуна каршы күрөшүү үчүн түзүлгөн. Ага СССР, АКШ, Англия, Франция кирген. Сов. Союзу А. к-нын негизги күчү болгон. 2-дүйн. согуш бүтөөрүндө 53 мамлекет фаш. блоктогу өлкөлөр м-н согуш абалында турган. Каршылык көрсөтүү кыймылы, СССРдин душман басып алган жерлериндеги партизандык кыймыл, бүткүл дүйнөдөгү антифаш. уюмдар А. к-га чоң жардам беришкен. А. к. 1941-ж. июнда фаш. Германиянын СССРге кол салышына байланыштуу түзүлө баштаган ж-а буга катышуучулардын союздаштык мамилелери 1942-ж. 1-январдагы 26 мамлекеттин Вашингтон декларациясында, о. эле андан кийинки бир катар документтерде бекемделген. А. к-нын ичинде 2 саясий багыттардын күрөшү дайыма жүрүп турган; СССР душманды тезирээк талкалап, согуштан кийин дүйнөнү демокр. негизде курууну көздөсө, батыштагы державалар согуш жүргүзүүнү ж-а согуштан кийинки проблемалардын чечилишин өзүлөрүнүн импер. таламдарына ылайыкташтырууга умтулушкан. Ошондой болсо да, А. к. согуш мезгилинде өз милдетин ийгиликтүү аткарды. Бирок Германия м-н Япония жеңилгенден кийин, Батыштагы державалар СССРге ж-а согуштан кийин түзүлгөн элдик-демокр. мамлекеттерге каршы душмандык саясат жүргүзүүгө өтүштү. Мунун өзү А. к-нын бузулушуна ж-а «кансыз согуштун» чыгышына алып келди.

АНТИГОНИЛЕР — *Македониядагы* падышалардын династиясы (б. з. ч. 306—168-ж.). *Александр Македонскийдин* кол башчысы Антигон I Жалгыз көздүү негиздеген (306—301-ж. бийлеген) ж-а улуу Деметрий I Полиоркет (301—286-ж. бийлеген) экөө тең падышабыз деп жарыялаган. Деметрий I туткунда өлгөндөн кийин, анын мурасчысы болуп уулу Антигон II Гонат (283—239-ж. башкарган) калат. А-дин кийинки өкүлдөрү уулу Деметрий II (239—229), бир тууганынын уулу Антигон III Досон (229—221) болушкан. Кийинкиси Селласиядагы салгылашууда спартан падышасы Клеомен IIIнүн аскерлерин талкалаган. А-дин кийинкилеринен күчтүүсү Деметрий IIнин уулу Филипп V (221—179) болгон. Ал кеңири эл аралык саясат жүргүзгөн, 215-ж. карфаген кол башчысы *Ганнибал* м-н союз түзгөн. Грецияда өзү үстөмдүгүн күчөтүү үчүн жасаган аракети Фи-

липп Vни Рим м-н кагылыштырды. Киноскефалдагы салгылашууларда жеңилгенден кийин Македониядан тышкаркы аймактагы ээлигинен баш тартат да, Грецияны римдиктер бийлеп калган. Анын мурасчысы уулу Персей (179—168) болуп 168-ж. Пиднедеги салгылашууда), Македония кыйрап, Римге биротоло баш ийип калды.

АНТИГРИЗУТТУУ ЖАРЫЛГЫЧ ЗАТТАР, с а к т а г ы ч ж а р ы л г ы ч з а т т а р — кен газы (метан) ж. б. күйүүчү газдар м-н чаңдары бар шахталарда жардыруу жумуштарын коопсуз жүргүзүүгө арналган жарылгыч аралашма. Метан, күйүүчү газдар, көмүр чаңы аба м-н кошулуп учкундан, жалындан ж-а жылуулуктан жарылып кетүүчү аралашманы түзөт. Забойдо басымдын ж-а жарылуу жылуулугунун таасири м-н көмүр чаңынын же газдын тутанып кетиши мүмкүн. Метандуу аба аралашмасы темп-ра 650°Cге жеткенде күйүп кетет. Ага жол бербөө үчүн А. ж. з. колдонулат. Натыйжада, жарылгыч заттардын жарылуу темп-расын, басымын азайтып, газдын ж-а чаңдын күйүп кетишинен кутулууга болот. А. ж. з. жарылуу темп-расы 1700—2000°C болгон аммиак-селитра аралашмасынан турат. Аларга негизги компоненттерден тышкары 15—30% жалын өчүргүч заттар кошулат. Жалын өчүргүчтөр (хлордуу натрий, хлордуу калий ж. б. туздар) жарылуу жылуулугунун бир кыйласын өзүнө сиңирип, күйүүчү газдардын кычкылдануу реакциясына тоскоол кылат.

АНТИГУА—Улуу Британиянын Вест-Индиядагы колониясы. Составына Антигуа, Барбуда (160 км^2), Редонда (2,6 км^2) а-дары кирет. Жалпы аянты 442 км^2. Калкы 65 миң (1970), көпчүлүгү—негрлер. Ири порту ж-а башкы шаары — Сент-Джонс. Бал камышы ж-а пахта эгилет. Кирешенин көбү туризмден түшөт. 1932-жылдан бери Англиянын колониясы. 1958—62-ж. Вест-Индия федерациясынын составында болгон. 1967-ж. февралда Англия А-га «Улуу Британия м-н ассоциациялаш мамлекет» деген укук берген, бирок ошол терр-янын эл аралык ж-а өлкөнү коргоо маселелерин чечүүнү өзүнө калтырган.

АНТИДЕТОНАТОРЛОР — мотор майларынын детонациялык туруктуулугун жакшыртуу үчүн кошулуучу хим. бирикмелер. А-дун негиздүүлөрү: тетроэтил коргошун $Pb(C_2H_5)_4$, тетрометил коргошун $Pb(CH_3)_4$, беш карбонилдүү темир $Fe(CO)_5$. Тетроэтилкоргошун «этил суюктугу» деп аталып, А. катарында кеңири коргошунду чыгаруу максатында бромдуу этил, дибромэтан, дибромпропан ж. б. бирикмелер кошулат. Күйүү мезгилинде алар коргошун м-н кошулуп, камерадан тез чыгуучу бирикмелерди пайда кылат.

АНТИДОТТОР (гр. antidoton —каршы берүү) — уулануудан айыктыруучу дарылар. А. организмди уулантакан заттарга каршы ар түрдүү жолдор м-н берилет. Кай бир А. хим. реакциянын натыйжасында ууну организмге сиңирбей зыянсыз башка кошундуларга айландырып жиберет. А. уулaндырбоо үчүн ж-а ууккандарды дарылоодо кеңири колдонулат.

«АНТИ-ДЮРИНГ» — Ф. Энгельстин 1878-ж. чыккан «Евгений Дюринг мырзанын илимде жасаган төңкөрүшү» деген эмгегинин кыскача аты. В. И. Ленин бул китепти абдан жогору баалап: ...философия, табият таануу жана коомдук илимдердин эң зор маселелери талданган. Бул — укмуштуудай мазмундуу жана өрнөктүү чыгарма (Л е н и н В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 2-т., 12-б.), — деп жазган. Дюринг марксизмде ж-а табият ж-догу илимдерде «төңкөрүш» жасап, өзүнүн «жаңы система» деп аталган майда бурж. «социалисттик», филос., экон., натурфилос. теориясын марксизмге каршы коюп, аны пролетариаттын арасына кеңен жайылтууга, ошону м-н жаңыдан уюшулган немец с.-д. партиясын начарлатууга, жумушчу табын рев-чыл жолдон чыгарууга далбаса кылат. Ушундай тарыхый шартта К. Маркс ж-а Ф. Энгельс Дюрингдин «жаңы» көз карашы оңдуу ондогон идеалисттик-метафиз. системаларынын бардык түрлөрүнүн гносеологиялык (таанып-билүүлүк) ж-а таптык тамырларын ачып, реакциячыл мүнөзүн ашкерелөөгө мажбур болушкан. Бул милдеттерди Ф. Энгельс аталган эмгегинде толугу м-н аткарган. Китеп кириш сөздөн ж-а үч бөлүмдөн (философия, саясий экономия ж-а социализм) турат. Кириш сөзүндө Дюрингдин илимде «революция» жасайм дегени куру далбаса экени аныкталат. Автор Дюрингдин «жаңы» деп эсептеген «дүйнөлүк схема», «дүйнөлүк система» ж-догу концепциясы бирден-бир «туура окуу», «өлбөс чындык» эмес, Гегелдин объективдүү идеалисттик, абс. системасындагы негизги принциптердин субъективдүү идеализмге ылайыкталып гана кайталанышы экенин көрсөтүп, марксизмдин тарыхый келип чыгышынын шексиздиги ж-а рев-чыл мүнөзү ж-догу маселеге атайын токтолот.

Ф. Энгельс китептин 1-бөлүмүндө коомдук турмушка жаратылышка ж-а ойлоо процессине карата Дюрингдин метафиз. ж-а идеалисттик көз караштарын сынга алып, диалек. материализмдин негизги маселелерине, табият таануудагы кээ бир тармактардын (мех., матем., химия, биол. ж. б.) орчундуу теориялык ж-а филос. маселелерине токтолот. Бул бөлүм диалектиканын төмөнкүдөй фундаменттүү проблемаларын кучагына алат: маркстик философиянын предмети; философиянын негизги маселеси ж-а анын эки жагы; дүйнөнүн бирдиктүүлүгү; материя м-н анын жашоо формаларынын (кыймыл, мейкиндик ж-а убакыт) ортосундагы ички байланышы; материалдык дүйнөнүн, ошонун ичинде орг. жаратылыштын келип чыгышынын, өнүгүшүнүн ички табигый себептери ж-а кыймылдаткыч күчтөрү; материалдык дүйнөнүн чексиздиги, маркстик таанып-билүү теориясы; объективдүү, абс. салыштырмалык ж-а түбөлүктүү чындыктардын ички катнаштары; диалек. материализмдин негизги закондору (сандык өзгөрүүдөн сапаттык өзгөрүүгө өтүү ж. б.)ж-а категориялары (зарылдык ж-а эркиндик ж. б.). О. эле философия м-н конкреттүү илимдердин катнашы ж-догу маселеге көп көңүл бурулуп, натурфилософия сынга алынат. 19-к-дагы табият ж-догу илимдин орчундуу теориялык ж-а филос. маселелери каралат.

Ф. Энгельс китептин 2-бөлүмүндө Дюрингдин коомдук турмушту, айрыкча саясий экономияны метафизикче ж-а идеалистче түшүндүрүүгө аракет кылганын далилдеп, К. Маркстын экон. илимине таянып, саясий экономиянын предметине ж-а методуна аныктама берет. Дюрингдин идеалисттик «зордуктоо» теориясын сынга алып, коомдун экон. түзүлүшү (базис) биринчи, саясий ж-а идеол. түзүлүшү (надстройка) экинчи экенин, о. эле жеке менчиктин, таптардын, эзүүнүн, мамлекеттин келип чыгышы «саясий зордуктун» натыйжасы эмес, экон. факторлордун (коомдук өндүрүштүн ж-а өндүргүч күчтөрдүн улам өсүп-өнүгүшүнүн) натыйжасы экенин баса белгилейт. Китепте парктын, кошумча парктын ж-а кошумча эмгектин теориялары, капит. эзүүнүн негизги формалары, капиталдын көрөңгөлөнүшүнүн факторлору ж-а жер рентасынын закондору ж-до кеңири сөз болот.

Китептин 3-бөлүмүндө Ф. Энгельс ил. социализмдин келип чыгуу өбөлгөлөрүн, айрыкча теориялык булактарын терең талдайт, марксизмге чейинки ар түрдүү утопиялык көз караштардын, теориялардын мүчүлүштөрүн ачат; социализм ой-жоруудан, кыялдан илимге кандайча айланганын, келечектеги коммунисттик коомдун пайда болуу закон ченемин көрсөтөт. Социализм — капитализмдин өнүгүшүнүн ж-а карама-каршылыктарынын курчушунун натыйжасы; ал пролет. рев-ясынын натыйжасында курулат; пролетариат мамл. бийликти алат ж-а өндүрүш каражаттарын баарыдан мурда мамл. менчикке айландырат; пролет. диктатурасы орноп, адамды адам эзүү жоголот; тарыхта 1-жолу чарбанын пландуу өнүгүшү башталат; таптардын ортосундагы карама-каршылыктар ж-а айырмалар акырындап жок болот; соц. жаңы үй-бүлө ж-а коммунисттик тарбия келип чыгат; акыл эмгеги м-н күч эмгегинин ж-а шаар м-н кыштактын ортосундагы карама-каршылыктар жоюлат; капит. курчоо жок кылынып, коммунизм толук жеңип чыккандан кийин, мамлекет да артыкбаш болуп калат. «А.-Д.» азыр да диалек. ж-а тарыхый материализмди үйрөнүүдө, бурж. идеологияга ж-а марксизмден ар кандай чегинүүлөргө каршы күрөштө идеялык курал болуп саналат. Ф. Энгельстин «А.-Д.» китеби марксизмдин-лениннизмдин негиз салуучуларынын башка эмгектери сыяктуу эле кыргыз тилине которулган (1964).

Ад.: Л е н и н В. И., «Эл достору» деген ким жана алар социал-демократтарга каршы кандай күрөшүп жатышат? Чыг., кырг. бас., 1-т.; о ш о н у к у, Материализм жана эмпириокритицизм, ошондо эле, 14-т.; о ш о н у к у, Мамлекет жана революция, ошондо эле, 25-т.; П о з н е р В., Энгельс в борьбе против Дюринга и дюринговцев, «Под знаменем марксизма», 1940, № 11; М а к а р о в А. Д., О произведении Фридриха Энгельса «Анти-Дюринг», М., 1953; М о м д ж я н Х., Мощное оружие в борьбе за революционный марксизм, «Коммунист», 1958, № 10.

АНТИКАЙНЕН Тойво (8. 6. 1898—4. 10. 1941) — Финляндия компартиясын уюштуруучулардын ж-а анын жетекчилеринин бири. Россияда Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкө активдүү катышкан. Хельсинкиде жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1915-ж. Финляндия с.-д. жумушчу партиясына кирип, анын сол тарабына кошулган. Финляндиядагы рев-янын (1918) убагында Жумушчу сейминин аткомунун секретары, Кызыл гвардияны уюштуруучулардын бири. Рев-я жеңилип калган соң А. Сов. Россияга келген. Финляндия компартиясынын уюмдаштыруу съездинин (1918-ж. авг.) делегаты. Гражд. согушка, антисов. Кронштадт козголоңун басууга, 1922-ж. (янв.) Карелиядак финн баскынчыларын талкалоого катышкандыгы үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 1923-жылдан ФКП БКнын, 1925-жылдан ФКП БКнын Саясий бюросуна мүчө. Бир катар жылдары ФКПге подпольеде жүрүп жетекчилик кылган. 1934-ж. Финн охранкасы тарабынан камакка алынып, өмүр бою каторгага өкүм кылынган. Совет өкмөтүнүн жардамы м-н 1940-ж. 3-майда түрмөдөн бошоп, СССРге келген. 1940-ж. СССР Жог. Советинин депутаты болуп шайланган. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Күжүрмөн тапшырманы аткарууда курман болгон.

АНТИКЛЕРИКАЛИЗМ (*анти...* ж-а лат. clericalis — чиркөөлүк) — өлкөдө чиркөөнүн ж-а динчилердин саясий, экон., маданий үстөмдүк кылышына каршы көз караштардын системасы. О. кылымда Бат. Европада А. феодализмге каршы күрөштүн формасы болгон. Буржуазиянын антиклерикалдык күрөшүнүн натыйжасында 19-к-дын аягында Франция м-н Германияда чиркөө мамлекеттен бөлүнгөн. Чиркөөгө каршы күрөштө орус, украин рев-чыл демократтарынын салымы чоң. Кыргыздын элдик оозеки чыг-лыгында, эл акындарынын ырларында антиклерикалдык идея көп учурайт. Бул «Молдонун кылыгы», «Койлубай» ж. б. кыргыз жомокторунан ачык көрүнөт. Бурж. атеисттер диндин социалдык ж-а гносеологиялык тамырын, таптык маңызын ачууну ил. негизде түшүндүрбөстөн, антиклерикалдык күрөш м-н гана чектелишет. Маркcчылдар А-дин чектелгендигин көрсөтүү м-н бирге, динге каршы ил.-идеялык күрөш жүргүзөт.

АНТИКЛИНАЛЬ (*анти...* ж-а гр. klino — төмөн ием), а н т и к л и н а л д у у б ү к т ө л ү ү — тоо тек катмарларынын балык жон тартып бүктөлүшү (к. сүрөт). А-дын борб. бөлүгү ээлки, ал эми чет жактары кийинчерээк пайда болгон катмарлардан турат. А. бир нече *см* ден жүздөгөн *м* ге созулушу мүмкүн (к. *Бүктөлүүлөр*). А-дын ийилген жери — кулпусу, капталдары — канаттары, ошол канаттарынын кошулган жери октук бети деп аталат (к. схема). Октук бет м-н канаттардын мейкиндикте жайгашуусуна жараша тик, жантык, көңтөрүлгөн ж-а жатып калган А. деген түрлөргө бөлүнөт. Узуну туурасынан бир нече эсе ашыктык кылса — сызыктуу А., ал бир аз чоңураак болсо — брахиантиклиналь, бирдей болсо, казамбак (купол) деп аталат.



Антиклиналдык бүктөлүүнүн элементтери: $АА_1Е_1Е$, $ББ_1Ж_1Ж$ — канаттар; $АА_1Б_1В$ — кулпу; $ВВ_1Д_1Д$ — октук бет.


Талас Ала-Тоосундагы (Бала-Чычкан суусу) антиклиналдык түзүлүштөр.

АНТИКЛИНОРИЙ (*анти...* ж-а гр. klino — төмөн ием, oros — тоо, дөңсөө) — бүктөлүү аймактарындагы жер кыртышынын узак убакытка чейин жогору көтөрүлүшүнөн пайда болгон ири ж-а татаал *бүктөлүүлөрдүн* комплекси. А-гө борб. бөлүгүнүн томпок тартып турушу мүнөздүү (к. схема). Узундугу жүздөгөн, туурасы ондогон *км* болушу мүмкүн.


Антиклинорийдин схемасы. Пунктир м-н бүктөлүүлөрдүн багыты көрсөтүлгөн.

АНТИКОАГУЛЯНТТАР (*анти...* ж-а лат. coagulans — кандын уюшун тездетүүчү) — кандын уюу системасынын активдүүлүгүн басаңдатуучу ж-а уюган кандын пайда болушуна тоскоолдук кылуучу дары-дармек заттары. А. кан уюу процессинин ар түрдүү звенолоруна таасирин тийгизет. А. түздөн-түз (гепарин, гирудин) ж-а кыйыр таасир этүүчү (дикумарин, неодикумарин ж. б.) болуп экиге бөлүнөт: 1-си кандагы тромбиндин активдүүлүгүн төмөндөтүп жиберүүчү, 2-си кандын уюшуна себеп болгон боордогу протромбинди пайда кылбоочу касиетке ээ. А. жүрөктүн, өпкөнүн инфарктарын, эмболиялык инсультту, тромбофлебитти дарылоо ж-а жүрөк, мээ кан тамырларынын атеросклерозу м-н жүрөктүн кемтигин алдын алуу үчүн колдонулат.

«АНТИКОМИНТЕРНДИК ПАКТ» — Германия м-н Япониянын ортосунда 1936-ж. 25-ноябрда Берлинде түзүлгөн договор. Ал чынында дүйн. үстөмдүккө жетишүү үчүн ушул эки мамлекеттин жүргүзгөн күрөшүн Коминтернге каршы күрөшүү м-н жаап-жашырган блок болгон. Договор 3 статьядан турган. Анын кошумча протоколу тараптарды Коминтерндин пайдасы үчүн өз өлкөлөрүндө ж-а чет мамлекеттерде аракет кылгандарга каршы катуу чара көрүүгө милдеттендирген. Бул алардын башка мамлекеттердин ички иштерине кийлигишүүлөрүнө мүмкүнчүлүк берген. 1939-ж. «А. п-га» Италия, Венгрия, Маньчжоу-Гонун марионеттик «мамлекети», Испания кирген. 1939—40-ж. «А. п.» Германия, Италия ж-а Япониянын согуштук ачык союзуна айландырылган. 1941-ж. анын мөөнөтү дагы 5 жылга узартылган. Ошондо ага Финляндия, Дания, Хорватия, Румыния ж. б. мамлекеттер кошулган. 2-дүйн. согушта СССРдин ж-а антифаш. коалицияга кирген башка мамлекеттердин жеңип чыгышы «А. п-нын» жоюлушуна алып келди.

АНТИКОММУНИЗМ — импер. реакциянын азыркы кезде коммунизмге каршы колдонуп жаткан башкы идеол. саясий куралы. Соц. түзүлүш ж-дө ушактарды таратуу, марксизм-ленинизмдин идеяларын, компартиялардын саясатын ар кандай бурмалоо — А-дин негизги максаты. А-дин жарчылары «марксизм эскирди», анткени Маркстын доорундагы капита-

лизм такыр өзгөрүп, «тапсыз капиталисттик коомго» айланды, азыркы замандагы ил.-тех. рев-ядан улам капитализм м-н социализмдин ортосундагы айырма өзүнөн өзү жоюлуп жатат,— деген сыяктуу чындыкка эч коошпогон «теорияларды» ойлоп чыгарышат. А. экономикада — СССРдин ж-а соц. өлкөлөрдүн экон. системасынын соц. мүнөзүн танып, соц. өлкөлөрдүн экономикасын мамл.-капит. экономика катарында көрсөтүүгө далбаса кылат; саясатта — дүйн. коммунизм «эркин дүйнөгө» коркунуч келтирет дегендей ушактарды таратат; идеологияда — социализм адамдардын ой-пикирин белгилүү бир чекте кармап «стандартташтырат» деген көлжирек жобону ырастоого ар кандай аракеттер жасайт. Азыр капит. өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө А. мамл. саясаттын деңгээлине көтөрүлүп отурат. Батыштагы өлкөлөрдө, асыресе АКШда А. б-ча борборлор иштейт. Антикоммунисттик пропаганданын негизги максаты — эмгекчилерди рев-ялык демокр. кыймылдан алагды кылуу, алардын аң-сезиминде коммунизмдин ураандары м-н идеалына ишенбөөчүлүктү туудуруу, соц. өлкөлөрдүн ж-а эл аралык кыймылдын биримдүүлүгүн бошоңдотуу, соц. коомду ичинен ыдыратуу. Дүйн. соц. системанын барган сайын чыңалышы, тынчтык үчүн күрөштүн өөрчүшү, капит. өлкөлөрдөгү А-гө каршы аракеттердин барган сайын күч алышы А-дин натыйжасыз, келечексиз экендигин далилдейт.

АНТИЛОГАРИФМ *(анти... ж-а логарифм)* — логарифмдин берилген маанисине туура келүүчү сан. Эгерде $logN=a$ болсо, N саны a нын А-сы болот. А. ондук логарифм үчүн каралып, таблицасы ондук логарифмдердин таблицасы м-н бирге берилет.

АНТИЛОПАЛАР — ача туяктуу айбандардын көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы тобу. Дене түзүлүшү субагай келип, буттары ичке, узун, илбериңки. Эркектеринин мүйүзү түрдүү формада. А-дын майдасы коёндой, чоңдору өгүздөй. Топтошуп Түш. Африканын ж-а Борб. Американын, Азиянын талаа, чөл мейкиндеринде жашайт. Кээ бирөөлөрү тоолуу жерлерге таралып, субальпы ж-а альпы тилкелерин, бөксө тоо өрөөндөрүн мекендейт. Анын түрлөрүнө бөкөн, жейрен ж. б. кирет. А-дын эти, териси ж-а мүйүзү пайдаланылат. Азыркы малдар (уй, кой, эчки) А-дын кээ бир түрлөрүнөн келип чыккан.

АНТИЛЬ АРАЛДАРЫ — Түн. ж-а Түш. Америка материктеринин ортосундагы Вест-Индиядагы архипелаг. Чоң (Куба, Гаити, Ямайка, Пуэрто-Рико) ж-а Кичи (Виргин, Айдарым ж-а Ылымта а-дар) болуп бөлүнөт. Аянты 220 миң *км²*. Калкы 20 млн-дон ашык (1969). А. а-нда Куба, Гаити, Доминикан Респ-касы, Ямайка, Барбадос мамлекеттери жайгашкан. Улуу Британия, АКШ, Франция ж-а Нидерланддарга таандык жерлери да бар. А. а-нын бир бөлүгү Венесуэланын составына кирет. А. а. материктен ж-а жанар тоодон пайда болгон. Көпчүлүк бөлүгү тоолуу, эң бийик жери 3175 *м* (Гаити а.). Климаты тропиктик, пассаттуу, ысык, нымдуу. Жылдык жаан-чачын 1200—2000 *мм*. Жайдын аяк чениинде көбүнчө өтө катуу шамал болуп турат. Саванна өсүмдүктөрү, тропиктик токой ж-а бадалдар өсөт, табигый өсүмдүктөр аз сакталган.

АНТИМИЛИТАРИЗМ, к. *Милитаризм.*

АНТИМОНИТ (лат. antimonium — сурьма), **сурьма жылтырагы, стибнит** — минерал. Хим. формуласы Sb_2S_3. Өңү боз, металл сымал жалтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2—2,5. Салышт. салм. 4,6. Кычкылдануу зонасында сурьма кычкылдарын ж-а кычкылтектүү бирикмелерди пайда кылат. А.— сурьманын негизги рудасы.

АНТИНЕЙТРОН — электр заряды нөлгө барабар болгон нейтронго карата *анти бөлүкчө*. А-дун массасы, спини ж-а магнит моментинин абс. чоңдуктары нейтрондукуна барабар, ал эми магнит моментинин белгиси карама-каршы. Б. Корк, Г. Ламберсон ж. б. 1956-ж. антипротондорду чачыратуу б-ча тажрыйба жүргүзүүдө ачышкан. А. башка нуклондор м-н кагылышканда аны м-н аннигиляцияланат да, $F=2m_Nc^2\approx 1900$ *Мэв* энергия бөлүнүп чыгат. Ал энергия π ж-а K мезондорду же γ кванттары пайда кылууга сарпталат.

АНТИНОМИЯ *(анти...* ж-а гр. nómos— закон; сөзмө-сөз — закондогу каршылык) — логикалык жактан ар бири бирдей эле далилдене турган 2 жобонун ортосундагы каршылык. А. деген түшүнүк античный мезгилде эле (Платон, Аристотель) пайда болгон. Байыркы грек философтору А-нын ордуна «апория» терминин көп урунган. Азыр А. 2ге бөлүнөт: логиканын же көптүк теориясынын А-сы ж-а семантика А-сы. А-нын пайда болушу таанып-билүү процессинин диалек. мүнөзүнө, айрым алганда, форма м-н мазмундун ортосундагы каршылыкка байланыштуу. А. таанып-билүү диалектикасын терең мүнөздөөгө мүмкүндүк берет.

АНТИПАРТИЯЛЫК АВГУСТ БЛОГУ — РСДРПнин Бүткүл росс. 6-(Прага) конф-ясынан (1912-ж. янв.) кийин өздөрүн партияга карама-каршы коюуга умтулган антипарт. топтордун ж-а агымдардын бирикмеси. А. а. б-на ликвидаторлор, троцкисттер, отзовисттер ж-а бундчулар ликвидаторчулук платформанын негизинде биригишкен. А. а. б-н 1912-ж. [12(25)—20-авг. (2-сент.)] ликвидаторлордун Венадагы конф-ясында Л. Д. Троцкий уюштурган. Конф-яга катышкан делегаттардын көпчүлүгү Россиянын жерг. парт. уюмдары м-н эч кандай байланышы жок, чет өлкөлөрдө турган адамдар болгон. Троцкисттер м-н ликвидаторлор РСДРПнин Бүткүл росс. 6-конф-ясына өздөрүнүн конф-ясын каршы коюшкан. Л. Троцкий, Л. Мартов, М. Гольдман ж. б. докладдарында, чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө РСДРПнин программалык эң маанилүү талаптарын ревизиялашкан. А. а. б-нун конф-яда кабыл алган платформасы оппортун. мүнөздө болуп, конституциялык реформа, толук бийликтүү дума, коалиция эркиндиги, «маданий-улуттук автономия» сыяктуу либералдык талаптарды коюшкан. А. а. б-нун башкы максаты — партияга, лениндик БКга каршы күрөш жүргүзүү, жумушчуларды рев-ялык күрөштөн алагды кылуу. Поляк с.-д. ж-а плехановчулар бул блокко катышуудан баш тартышкан. Впередчулар м-н латыш социал-демократтары конф-яны таштап чыгып кетишкен. Блок массадан ажырап калып, 1913—14-ж. тарап кеткен.

АНТИПАТАРИЯЛАР (Antipatharia) — коралл полиптер классына кирген ичеги көңдөйлүү деңиз жаныбарлары. А.— дарак сымал колонияларды пайда кылган майда (0,5—3 *мм*) полиптер. А-дын колониясынын скелети жарыктын нурун 2 ирет сындыруу касиетине ээ болгон горгониндеп турат да 6% йоду болот. А-дын 150гө жакын түрү белгилүү, тропиктик деңиздердин 10—100 *м* тереңинде жашайт. Эң майда орг. бүртүкчөлөр м-н азыктанат. Скелети кара шуру деп аталып, ар кандай жасалгалар үчүн пайдаланылат.

АНТИПИНА Алиса Борисовна (1938-ж. т.) — СССР спортунун эмг. сиң. мастери (1968). А. 1955-ж. баскетболго машыгат. 1961-ж. спорттун мастери. СССРдин курама командасынын составына 1962-ж. кирген. 1964-ж. Перунун Лима, 1967-ж. Чехословакиянын Прага ш-ларында СССРдин курама командасында ойноп, дүйнөнүн чемпиону болгон. СССР спортунун эл аралык класстагы мастери (1967). СССР элдеринин беш спартакиадасына катышкан. Спорттогу көрүнүктүү жетишкендиктери үчүн СССР спорт коомунун Ардак китебине жазылган.

АНТИПИРИН, феназон — ооруган жерди басаңдатуучу, эттин ысыганын төмөндөтүүчү, сезгенүүгө каршы таасири бар дары. Невралгия, кызыл жүгүрүк, суук тийүүдөн пайда болгон ооруларга каршы күкүм ж-а таблетка түрүндө пайдаланылат. Анын 10—20%түү эритмеси кан токтотуу (мурундан ж. б.) үчүн колдонулат.

АНТИПИРОГЕНДЕР (гр. *анти...*, pýr— от ж-а génos — туулган) — таш көмүр ж. б. кендердин өзүнөн өзү күйүп кетишине каршылык кылуучу заттар. А-гө суу, натрий силикатынын эритмелери ж-а чел кабык пайда кылуучу эритмелер кирет. А. шахталарда өрт чыгарбоо үчүн пайдаланылат.

АНТИПРОТОН — протонго карата анти бөлүкчө. А. м-н протондун массалары ж-а спиндери бир бирине барабар, электр заряддары ж-а магнит моменттеринин абс. чоңдуктары бирдей, бирок белгилери карама-каршы. Ал О. Чемберлен, Э. Сегре ж. б. тарабынан 1955-ж. Беркли ш-да (АКШ) протондорду 6,3 *Гэв* ге чейин ылдамдатуучу беватрондо жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында табылган. А. зат аркылуу өткөндө, аннигиляция ж-а жаңы бөлүкчөлөрдүн пайда кыла тургандыгы м-н айырмаланат.

«АНТИРЕЛИГИОЗНИК» — ил.-методикалык журнал; СССРдеги Күжүрмөн кудайсыздар союзунун Борб. советинин органы. Москвада 1926—41-ж. айына бир чыгып турган. Маркстик-лениндик философиянын негизинде журнал ил. атеизмди пропагандалап, СССРде ж-а чет өлкөлөрдө динге каршы жүргүзүлгөн иштердин тажрыйбасын жайылткан. Ал атеизм б-ча ил. кызматкерлердин, пропагандисттердин өсүшүнө көмөк көрсөткөн. Жоопту редактору Е. М. *Ярославский* болгон. 1960-жылдан тартып *«Наука и религия»* журналы чыгат.

АНТИСЕМИТИЗМ — еврейлерге буржуазиянын жасаган жек көрүүчү, улутчулдук мамилеси; еврейлердин укугун чектеп, аларды куугунтуктап, массалык түрдө кырууга багытталган расалык шовинизмдин өтө ашынган формасы. А. о. кылымда кулач жайган. Россияда падышалык бийлик тарабынан А. рев-чыл кыймылга каршы кеңири колдонулган. Герм. фашисттер болсо еврейлерди массалык түрдө кырышкан. Азыр импер. өлкөлөрдө А. кеңири кулач жайган, ага каршы күрөштү жумушчу табы ж-а коммунисттик партиялар жүргүзүп, эмгекчилерди интерн. духта тарбиялап жатышат. СССРде улут маселеси чечилгендикке байланыштуу турмуштун бардык чөйрөсүндө еврейлердин толук тең укуктуулугу камсыз кылынды.

АНТИСЕПТИК ЗАТТАР — микробдорго каршы таасир этүүчү хим. заттар. А. з-дын бактерициддик активдүүлүгү алардын хим. түзүлүшүнө, температура, чөйрөгө ж-а белок заттарынын болушуна байланыштуу. А. з. медицинада, тамак-аш ө. ж-да ж-а түрдүү материалдарды (жыгач ж-а андан жасалган буюмдар, текстиль буюмдары, тери пластмасса ж. б.) микроорганизмдерден бузулуусунан сактоо үчүн керектелет.

АНТИСЕПТИКА *(анти...* ж-а гр. septikós — ириңдеген) — хим. ж-а физ. каражаттарды колдонуу м-н зыяндуу микробдордун өсүп-өнүгүшүнө жол бербөө ж-а жаратты ириңдеп кетүүдөн сактоо методу. А. хирургияда *асептика* м-н айкалыш колдонулат. А. 1-жолу (1867) англ. хирург Ж. Листер тарабынан жараттын микробдор м-н булгануусун алдын алуучу метод катары сунуш кылынган. Ал метод карбол к-тасы сиңирилген көп кабаттуу даки м-н жаратты жылчыксыз таңуу, болмого карбол к-тасынын эритмесин бүркүрүү, операция жасала турган жерди, хирургдун колун ж-а аспаптарды карбол к-тасы м-н сыйпоодон турган. Карбол к-тасы организмге зыяндуу таасир тийгизгендиктен, ал метод колдонулбай калган. А-лык каражаттар 4 түргө бөлүнөт: 1) **механикалык** — микробдор м-н булганган жансыз ткандарды, уюган канды, жат нерселерди жараттан алып таштоо м-н алгачкы хирургиялык тазалоону жүргүзүү; 2) **физикалык** — жараттагы ириңди соруп алчу материалдар м-н байлоо, электр нурларына (солюкс, кварц ж. б.) кактоо аркылуу жаратты кургатуу; 3) **химиялык** — заттарды (йоддун спирттеги 5—10% эритмеси, спирт, марганцовка, формалин, фурациллин, хлорамин, бор к-тасы) колдонуу м-н жараттагы микробдорду өлтүрүү, өсүп-өнүктүрбөө; 4) **биологиялык** — заттарды (вакциналар, сывороткалар) пайдалануу м-н организмдин коргонуу кубатын чыңдоо ж-а *антибиотиктерди* колдонуу.

АНТИСИММЕТРИЯ — антисимметриялык өзгөртүүлөрдүн жардамы м-н кээ бир материалдык фигуралардын түрдүү абалдарда өзүнө өзү дал келүү касиети. А-нын ар кандай өзгөртүүлөрү фигуранын белгисин өзгөртүү операциясы м-н айкалышкан кадимки симметриянын кандайдыр бир операциясынан турат. Фигуранын белгисин өзгөртүү деген түшүнүктүн физ. мааниси ар кандай болот: заряддын белгисин, кыймылдын багытын (алга же артка), деформациянын белгилерин (кысуу же чоюу) өзгөртүүдөн турат. Анти октордун айланасында түрдүү бурчка болгон антибурулуштар, тегиздиктеги анти чагылуулар, антиинверсиялар А-лык операцияларга кирет.

АНТИТЕЗА (гр. antithesis — карама-каршылык) — поэзияда колдонулуучу стилистикалык фигуралардын бир түрү. Акындар чыг-ларындагы каармандардын мүнөзүн толук ачуу ж-а окуучуларга эстет. күчтүү таасир калтыруу үчүн карама-каршы болгон түшүнүктөрдү бир бүтүн сүйлөмгө же сөз тизмектерине топтойт. Мис., «Келериңде дүнүйө, жыйырма беш жаштайсың, кетериңде дүнүйө, жыдыган кара чачтайсың» (Токтогул). А. жеке гана поэтикалык чыг-ларда эмес, публ. ж-а сын макалаларда, ил. из. иштеринде да кездешет.

АНТИТЕЗИС (гр. antithesis — каршы коюу) — 1) логикада тезиске каршы коюла турган пикир; 2) Гегелдин философиясында диалек. өнүгүү процессинде тезиске карама-каршы формулировка. Гегелдин пикири б-ча, өнүгүүнүн ар кандай процесси үч баскычты (тезис, антитезис, *синтез)* басып өтөт. Ар бир кийинки баскыч өзүнөн мурдагысын жерип, анын карама-каршысына айланат. Ал эми синтез болсо А-ти биротоло четке каксастан мурдагы эки баскычтагы өнүгүүнүн кээ бир белгилерин кошо камтыйт. Маркстик философия бул жобонун рационалдык мазмунун өнүгүү процессин мүнөздөө үчүн колдонот.

АНТИТЕЛОЛОР — адамдын ж-а жаныбарлардын организмине бөтөн, жог. молекулалуу белоктор (антигендер) киргенде, жооп иретинде аларга каршы күрөш жүргүзүү үчүн пайда болгон заттардын тобу. А. көпчүлүк жугуштуу оорулардан кийин же организмге бөтөн белокторду, микроорганизмдин уусун куйганда пайда болот. А. бактериялар м-н вирустардын көбөйүшүнө тоскоол болуп, алар чыгарган уулардын зыяндуу касиетин жоёт. А-дун организмди коргогуч бул касиети жугуштуу ооруларды дарылоодо, алардын алдын алуудагы эмдөө ишинде колдонулат. А-дун антигендер м-н болуучу реакциялары айрым ооруларды аныктоодо пайдаланылат. Айрым жугуштуу оорулардан кийин кээ бир А. өмүр бою сакталып калгандыктан, ал адам ошол оору м-н 2-жолу оорубайт.

АНТИТОКСИНДЕР *(анти...* ж-а *токсин)* — айбандын же адамдын организминде пайда болуучу өзгөчө заттар. Алар организмге кирген бактериялардын ж-а жаныбарлардын ууларына каршы пайда болот. А. кайсы бактериянын уусунан пайда болсо, ошол ууну гана нейтралдайт. Мис., кептөөрдүн А-дери ушул оорунун козгогучу бөлүп чыгарган ууну гана нейтралдап, башка ууларга каршы күрөшө албайт. Медицинада А. кептөөр, селейме, дизентерия, гангрена, скарлатина ооруларын алдын алууда ж-а дарылоодо ууга каршы сыворотка түрүндө кеңири колдонулат.

АНТИФАШИСТТИК КЫЙМЫЛ — фашизмге каршы жалпы демокр. кыймыл. 20-к-дын 20-жылдарынын башында пайда болгон. Ошол кезде Италия, Испания, Германия сыяктуу бир катар мамлекеттердин буржуазиясы өз бийлигин сактап калуу үчүн фаш. диктатураны орнотту. Бул кырдаал демокр. күчтөрдөн А. к-дын таасирдүү формаларын ж-а методдорун табууну талап кылды. Коминтерндин 3-конгресси (1921) жумушчулардын биримдик фронт тактикасын иштеп чыкты, 4-конгресси (1922) А. к-ды компартиялардын эң маанилүү милдети деп эсептеди. 1923-ж. согуш коркунучуна ж-а фашизмге каршы күрөшүү комитети түзүлүп, дагы башка чаралар көрүлдү. Алардын ичинен Коминтерндин 7-конгрессинин (1935) чечимдери кыймылдын өнүгүшү үчүн зор роль ойноду.

А. к-дын башкы күчү компартиялар жетектеген жумушчу табы болду. СССРдин жумушчу табы бүткүл дүйнөдөгү пролетариаттын А. к-на таасирдүү жардам көрсөттү. КПССтин съезддеринин материалдарында фашизмдин таптык тамырларын, анын аракетин талдоо да маанилүү милдет аткарды. Испан элинин 1936—39-жылдагы улуттук-рев-чыл согушу [к. *Испания революциясы (1931—39)*] А. к-дын тарыхынан көрүнүктүү орун алды. Анын жүрүшүндө эл аралык пролет. тилектештиктин зор күчү айкын

көрүнүү: 54 мамлекеттен келген ыктыярдуулар интерн. бригадаларга бириккен, Испания Респ-касы үчүн салгылашты. Сов. Союзу испаниялык антифашисттерге ар тараптан жардам берди. 2-дүйн. согуштун убагында А. к. андан ары өөрчүдү. Компартиялар жетекчилик кылган каршылык көрсөтүү кыймылы ж-а эмгекчи массалар улуттун көз каранды эместигин калыбына келтирүүнү, монополисттик капиталды ж-а ири жер ээлөөчүлүктү жок кылууну көздөштү. Бул максат Чыг. ж-а Борб. Европа өлкөлөрүндө гана жүзөгө ашты. Гитлердик Германиянын ж-а анын союздаштарынын кыйратылышы фашизмдин позицияларын кескин түрдө начарлатты. Бирок Бат. өлкөлөрүндө монополиялык капиталдын сакталып калышы ж-а жазаланбай калган нацисттердин, фашисттердин аракеттери Италияда, Бат. Германияда, Австрияда, Францияда неофаш. уюмдарды пайда кылды. АКШда фашизмге жакын оңчул-экстремисттик кыймыл консолидациялашууга аракеттенип жатат. Италиядагы антифашисттер неофашисттерге олуттуу сокку урушту. Франциядагы согушчул-террористтик уюм ишин токтотууга аргасыз болду. Бат. германиялык, испаниялык демократтар, Чили сыяктуу капит. өлкөлөрдүн эмгекчилери неофашисттерге каршы кыйын шарттарда күрөшүп жатышат. Азыр А. к-дын өнүгүшү ж-а чыңдалышы үчүн эл аралык аренада алда канча ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

АНТИФЕРРОМАГНЕТИЗМ — заттын жаңаша элементардык (атомдук) магнитчелери бири бирине карама-каршы багытталышынын натыйжасында



Куб формасындагы MnO антиферромагнетиктин магнит структурасы, (a_m) анын мезгили, a_m ал кристаллдык структуранын мезгилинен (a_o) эки эсе чоң.

анын эң аз магниттелиш абалы (к. сүрөт). Магниттик касиеттери б-ча бардык заттар диамагнетик, парамагнетик ж-а ферромагнетиктерге бөлүнөт. Ферромагнетик заттарда атомдук магнитчелердин бирдей багытталышы анын күчтүү магниттелишине алып келет. А-дин теориясын 1-жолу сов. окумуштуу Л. Д. *Ландау* түзгөн (1930). Заттардын антиферромагнетик абалга өтүшүүсү магниттик ж-а айрым физ. касиеттери Кюринин антиферромагнетик же Неель чекити деп аталган темп-рага чейин гана сакталат. Неель чекитинен жогорку температураларда антиферромагнетик парамагнетикке өтөт. Антиферромагнетиктер ферромагнетиктер сыяктуу эле домендик структурага ээ болгондуктан, аларда да магниттик гистерезис кубулуштары байкалат. Азырынча А. практикалык колдонууга ээ боло элек.

Ад.: Киренский Л. В., Магнетизм, 2 изд., М., 1967.

АНТИФЕРРОМАГНЕТИК — антиферромагниттик касиеттерге ээ болгон заттар (к. *Антиферромагнетизм*). А. кубулушу негизинен сейрек учуроочу элементтердин группасынан кездешет. А. касиети бар заттарга Dy, Ho, Er, Tu кирет. Кычкылдар, хлориддер, сульфиддер, карбонаттар ж. б. ушул тектеги өтмө элементтердин жөнөкөй кошулмаларында да антиферромагниттик касиеттер байкалат.

АНТИФОНДОР (*анти...* ж-а гр. phone — үн) — организмди сыртқы ызы-чуудан коргоочу жасалга. А. кебезден, дакиден кулакка тыгын катары же атайын материалдан кулактын калканын жаап туруруга ыңгайланып жасалат, аны ар бир адам жекече колдонот, к. *Коргонуу каражаттары.*

АНТИФРИКЦИОНДУК МАТЕРИАЛДАР — машиналардын жылышып сүрүлүүчү тетиктери жасалуучу ж-а сүрүлүү коэффициенти аз материалдар. Ан. м. металл ж-а металл эмес болуп бөлүнөт. Металл Ан. м-га негизи калай, коргошун, жез, цинк, алюминий болгон куймалар ж-а чоюндун кээ бир маркалары, металл эместерине пластмасса, негизи жыгач материалдар, графит-көмүр ж-а резиналар кирет. Металл ж-а металл эмес материалдарды бирге кошуп да Ан. м. алынат (мис., негизи калай же коргошундан турган баббиттер). Автомобилдин подшипниктери биметалл пластинкаларынан штамптоо жолу м-н жасалат. Жездин негизинде калайлуу, коргошундуу, калай-коргошундуу коло алынат. Цинктин негизинде алынган Ан. м. антифрикциондук касиеттери жагынан колодон калышпайт. Алюминий негиз кылып алынган материалдар жумшак келип, негизинен ичинен күймө кыймылдаткычтарда колдонулат. Боз чоюндан аз күч келүүчү подшипниктер, колодон, чоюндан червяктуу дөңгөлөктүн кырчоолору жасалат. Металл эмес Ан. м-дын ичинен полимид ж-а текстолиттер пайдаланылат. Негизи жыгач болгон материалдар көбүнчө прокат стандарынын, турбиналардын подшипниктери үчүн колдонулат.

АНТИЦИКЛОН — жогорку аба басымы м-н мүнөздөлүүчү атмосферадагы аймак; басымга ж-а жердин өз огунда айланышына байланыштуу абанын агымы; Түн. жарым шарда саат жебесинин айлануу багыты б-ча (к. схема), Түш. жарым шарда ага каршы жүргөн атмосф. куюн. Ал циклон м-н бирге тропосферада дайыма болуп



Түн. жарым шардагы антициклондун схемасы; жоон сызык — бирдей даражадагы басымдын изобарлары (картада); ичке сызык — шамалдын багыты; *Б* — антициклондун борбору.

турат. Жарым шарларда жыл бою жүздөгөн А. пайда болуп, алар бир нече күнгө, кээде жумага чейин созулат. Адатта А. батыштан чыгышка карай саатына 30—40 *км* го чейинки



Антициклондун пайда болуу схемалары: *а* — үстүнкү аба агымынын түштүккө карай которулушу ж-а түндүктөн муздак абанын келишинен басымы өтө жогору аба аймагынын (Ж) пайда болушу; *б* — түюк изобарлуу антициклондун пайда болушу; — атмосферанын жер бетине чектеш кабатындагы изобарлар; - - - атмосферанын жогору кабатындагы изобарлар.

орточо ылдамдыкта өтөт. Анын диаметр өлчөмү 2—3 миң *км* ге жетет. А-ду изилдөө *аба ырайын прогноздоодо* чоң роль ойнойт.

АНТИЧНЫЙ ДҮЙНӨ, античность — байыркы, эзелки деген маанини түюндуруучу термин. Көп учурда ушул эле маанисинде, бирок Байыркы Греция (эллинизм доору кошо) ж-а Байыркы Рим дегендер м-н бирдикте бетончороок маанинде колдонулат. Байыркы гректердин, римдиктердин ар кыл мурастарын изилдөөгө

кызыгуу зор болгон *Кайра жаралуу* доорунан баштап, «античный искусство», «античный ад-ти», «античный таалим» деген түшүнүктөр пайда болгон. Ал өлкөлөрдүн социалдык-экон. тарыхын изилдеп билүүгө болгон кызыгуунун күчөшүнөн улам «античный мазар», «чарбанын античный системасы» ж-а илимге К. Маркс киргизген «өндүрүштүн античный жолу», «менчиктин античный формасы» деген түшүнүктөр келип чыккан. К. Маркс белгилегендей, менчиктин античный формасы кайчы, экилик, формада: мамл. да, жекече да менчик катарында болуп, экинчиси биринчисин шарттап турган. Өндүрүштүн негизги каражатына (жерге) общинанын — *полистин* толук укуктуу мүчөсү гана ээгедер боло алган. Байыркы коомдо коомдун толук укуктуу граждандарынын саясий турмушка ж-а мамл. башкарууга катышуусуна мүмкүнчүлүк берген бул демократиянын пайда болушунун зор мааниси болгон. Эркин калктын артыкчылыгы бар аячылыгынын гана демократиясы болгондугуна карабастан, бул өз убагында шилтенген ири кадам эле. Бир катар грек мамлекеттери (Афины, Коринф ж. б.) ж-а Рим сыяктуу байыркы коомдордун өнүгүшүнүн белгилүү бир учурунда өндүрүштүн негизги тармактарында күл эмгегин кеңири пайдаланылып, бул эмгек башкы өндүргүч күчтөрдүн бири болуп калган. Байыркы коомдо адамзаттын баалуу мурастары түзүлгөн: философия, ад-т, архитектура өнүгүүнүн жогорку чегине жеткен.

АНТОКОЛЬСКИЙ Павел Григорьевич [19. 6(1. 7). 1896-ж. т.] — орус совет акыны. 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Биринчи ырлар жыйнагы 1922-ж. чыккан. 20—30-жылдарда «Батыш» (1926), «Үчүнчү китеп» (1927) жыйнактары, «Робеспьер жана Горгона» (1928), «71-жылдагы Коммуна» (1933), «Франсуа Вийон» поэмаларын жазган. «Чкалов» драмасы м-н «Уул» (1943) поэмасынын (1946-ж. Мамл. сыйлыкка татыктуу болгон) автору. А. «Коммунисттик манифест» (1948), «Океан» (1950) ж. б. поэмаларын, «Мастерская» (1958) ырлар жыйнагын, тарыхый-адабий ж-а публ. «Акындар жана мезгил» (1957), «Вьетнамдын күүгүм, «Пушкин тууралуу» (1960), «Акындар жолу» (1965) аттуу чыгарды жазган.

АНТОЛОГИЯ (гр. anthos — гүл, légo — жыйнаймын) — бир топ авторлордун тандамал ырларынын, ар кыл санат сөздөрүнүн, адабий чыгарылыштын үлгүлөрүнүн жыйнагы. Чыгышта ж-а Грецияда А. өзөлтеден бери белгилүү; байыркы орус ад-тында да А. чыгарылган. Совет доорунда улут ад-ттарынын жанрлар б-ча бир топ А-сы жарык көрдү. Мис., «Кыргыз поэзиясынын антологиясы» Москвада орус тилинде (1957) ж-а кыргыз тилинде (1974—75) эки томдук болуп чыкты. Буларда кыргыз элинин кылымдан - кылымга айтылып келе жаткан элдик оозеки чыг-ларынан тартып, азыркы кыргыз акындарынын тандамал чыг-ларды бар.

АНТОНИЙ МАРК (б. з. ч. 83—30-ж.) — римдик саясий ишмер ж-а кол башчы. Юлий *Цезарга* кошулуп,



О. К. Антонов.

аны активдүү колдоп турган. Цезарь өлгөндөн кийин, сенат ага каршы аскерлерин жиберип, 43-ж. Ан. М. жеңилет. 42-ж. Октавиан м-н бирге *Брутун* ж-а Кассийдин аскерлерин талкалаган. Андан кийин провинцияларды бөлүштүрүүдө А. Рим державасынын чыг. провинцияларын алып, ал жерде чексиз бийлик жүргүзгөн. Египет ханышасы Клеопатра м-н жакындашып, ага, анын балдарына зор аймакты тартуу кылган. Ушунун өзү триумвираттардын мамилелеринин үзүлүшүнө ж-а сенаттын Клеопатрага каршы согуш ачуусуна алып келген. Октавиандын аскерлери Египетке басып киргенден кийин, А. өзүн өзү өлтүргөн.

АНТОНИМДЕР (*анти...* ж-а бпута — ат) — мааниси жагынан бири бирине карама-каршы сөздөр (*күн-түн, жаман-жакшы, улуу-кичүү*). А. зат атоочтон (*өмүр-өлүм, согуш-тынчтык*), сын атоочтон (*эски-жаңы, ак-кара*), этиштен (*кел-кет, отур-тур*) ж-а так-тоочтон (*аз-көп, эрте-кеч*) түзүлөт. А. поэзияда, макал-лакаптарда, учкул сөздөрдө көп кездешет.

АНТОНИНДЕР — Рим императорлорунун династиясы (96—192); Антонин Пийдин ысымынан аталган. А-гө: Нерва (96—98), Траян (98—117); *Адриан* (117—138), Антонин *Пий* (138—161) Марк *Аврелий* (161—180) ж-а Коммод (180—192) кирген. А. кул ээлөөчүлөрдүн мүдөөсүн коргошкон. А-дин түшунда монархиялык бийликтин идеясы биротоло калыптанып бюрократиялык аппарат түзүлгөн. А-дин башкарган убагы Рим империясынын гүлдөө учуру болгон. Бирок Адриандын түшунда кризистин белгилери пайда болуп, Марк Аврелий башкарган мезгилден тартып империянын кубаты начарлай баштаган.

АНТОНОВ Алексей Иннокентьевич (15. 9. 1896—18. 6. 1962) — советтик армиянын генералы (1943). 1928-жылдан КПССтин мүчөсү. 1916-ж. Павловскийдеги аскер окуу жайын бүтүргөн. 1919-ж. Сов. Армияда кызмат кылууга өтүп, Граждөө согушка катышкан. М. В. Фрунзе атн. аскер академиясынын эки ф-тетин (1931, 1933), Генштабдын академиясын (1937) бүтүрүп, окутуучулук кызматта иштеген. 1941—42-ж. фронттордун штабдарынын начальниги. 1942—46-ж. Генштабдын начальнигинин 1-орун басары, начальниги болгон. Ялта ж-а Потсдам конф-яларына катышкан. 1955-ж. майда Варшава договоруна кирген өлкөлөрдүн Бириккен куралдуу күчтөрүнүн штабынын начальниги болгон. 3 Ленин ордени, «Жеңиш» ж-а дагы башка ордендер, медалдар м-н сыйланган. СССР Жог. Советинин 2—6-чакыр. депутаты. Совет Кызыл аянтка коюлган.

АНТОНОВ Олег Константинович [25. 1 (1. 2). 1906-ж. т.] — сов. авиаконструктор, тех. илимд. доктору, УССР ИАнын акад., Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. 1930-ж. Ленинграддагы Калининатн. политех. ин-ту бүтүргөн. 1946-жылдан тажрыйба-конструктордук бюронун башчысы. А-дун жетекчилиги м-н 80 *т* га чейин жүк көтөргөн Ан-10, Ан-24, Ан-12, Ан-22 турбовинттүү трансп. самолеттор жасалды. СССР Жог. Советинин 5, 7, 9-чакыр. депутаты. СССР Мамл. (1952) ж-а Ленин-дик (1962) сыйл. лауреаты, 2 Ленин ордени, ж. б. орден, медалдар м-н сыйланган.

АНТОНОВИЧ Максим Алексеевич [27. 4 (9. 5). 1835—14. 11. 1918] — орустун демократ агартуучусу, материалист-философу, адабий сынчысы, публицисти. Священниктин үй-бүлөсүндө туулган. 1855—59-ж. Петербург диний академиясында окуган. Өз алдынча материалист-философтордун чыг-ларын үйрөнгөн. *Добролюбов* м-н *Чернышевскийдин* чыг-ларын А-тин матер. ж-а атеисттик көз караштарынын калыптанышында чоң роль ойногон. Ал 1855—66-ж. «Современник» журналында иштеп, бат.-европа философиясындагы идеалисттик көз караштарды Россияда пропагандалоого аракеттенген орус идеалист философторунун, о. эле *Платондун, Канттын, Гегелдин,* Шопенгауэрдин философиясын сынга алган макалаларды жазган. А. идеализмге каршы күрөшүп, табият таануу илими м-н иск-водо алдыңкы идеяларды пропагандалады, бирок «дыйкандар демократизминин» тар чегинен чыга алган жок. А-тин көз караштарында диалектиканын элементтери болсо да, анын материализми метафиз. материализмдин чегинен чыга алган эмес. А. рев-чыл демократизмдин принциптерин жаңы шарттарда өнүктүрө албады, көп учурларда либерализмге ооп кетип турган. Ал марксизмди урматтоо м-н кабыл алса да, анын маанисине терең түшүнө албады ж-а марксизмдин позициясына өте алган жок.

АНТОНОВКА — алманын өте көп тараган кышкы сортторунун бири. Ал каменичка, ак антоновка ж. б. түрлөргө бөлүнөт. Мөмөсү ири, сүйрү же конус сымал. Кабыгы саргыч, сулуу ак, кычкыл, таттуу, даамдуу ж-а жытуу. А. түшүмдүү келип, кургакчылыкка, кышка байымдуу болот. Кыртышты көп илгабайт. Ал 5—7 жылдан кийин мөмө байлап, 60 жылга чейин мөмөлөйт. Эң жакшы шартта

бир түбүнөн 500 *кг* түшүм алынат. Мөмөсү сентябрдын аягында, октябрдын башында жыйналып, апрелге чейин сакталат. Ал РСФСР, БССР, УССР, Балтика боюнда, Казак, Кыргыз ССРлеринде өстүрүлөт. А-дан как, повидло, пюре, мармелад, желе, шарап да жасалат.

АНТОНОВ-ОВСЕЕНКО Владимир Александрович (9. 3. 1883, Чернигов—1939) — партиялык ж-а мамл. ишмер. Окт. соц. рев-ясына активдүү катышкан. Черниговдо поручиктин үй-бүлөсүндө туулган. 1903-жылдан РСДРПге мүчө. 1905-ж. Ново-Александрияда (Польша), Севастополдо аскердик көтөрүлүш уюштургандардын бири. Бул үчүн өлүм жазасына тартылып, кийинчерээк ал 20 жылдык каторга м-н алмаштырылган. Андан качып чыгып, Финляндияда, Петербургда, Москвада иштеген. 1910-ж. Францияга эмиграцияга кетип, анда меньшевиктерге кошулган. 1914-ж. меньшевиктерден кол үзүп, 1-дүйн. согуш жылдарында интернационалист болот. 1917-ж. большевиктер партиясына кирип, Петроградда аскер ревкомунун секретары, Кышкы дворецке штурм жасагандардын жетекчилеринин бири. Советтердин Бүткүл росс. 2-съездинде ЭКСтин туңгуч составына (аскер ж-а деңиз иштери б-ча комитеттин мүчөсү) шайланган. 1918—19-ж. Укр. фронтунун командачысы, Укр. аскер эл комиссары, 1919—20-ж. Тамбов губаткомунун пред-ли, 1922—24-ж. Респ-канын Рев. аскер советинин саясий башкармасынын начальниги. 1923—27-ж. троцкийчил оппозицияга кошулуп, 1928-ж. андан кол үзгөн. Чехословакияда, Литвада, Польшада дипл. иште болгон. 1934-ж. РСФСРдин прокурору, 1936—37-ж. Барселонада (Испания) СССРдин ген. консулу болуп иштеген.

АНТОНОВЧУЛУК — Тамбов губ-да эсерлер м-н кулактардын Советтерге каршы 1920—21-жылдагы козголоңу. А. эсерлер партиясынын БКнын ж-а кулактардын «Эмгекчи дыйкандар союзу» деген уюмунун демилгеси б-ча уюштурулган. Буга иш жүзүндө эсерлердин Тамбов губкому башчылык кылды. Козголоңдун жетекчиси эсер А. С. Антонов болгон (ошондон улам «А.» аталат). Эсерлер Гражд. согуш мезгилиндеги Сов. Респ-канын чарбачылык кыйынчылыктарынан пайдаланууга умтулушкан. Алар «Азык-түлүк чачымы жоголсун!», «Соода эркиндиги жашасын!» деген ураандар м-н чыгышкан. Козголоңдун түпкү максаты Совет бийлигин кулатып, капит. тартипти кайра орнотуу болгон. Антоновдун бандалары өлкөнүн борб. р-ндоруна азык-түлүк жеткирип турган Түш.-Чыг. т. жолун бууп, бир катар жерди басып алып, ал жердеги партиялык, сов. кызматчыларды өлтүрүп, совхоздорду, поезддерди, т. ж. станцияларын тоноп турушкан. 1921-жылдын башында козголоңчулар 50 миңге жакын кишиси бар 2 армия түзгөн. 1921-жылдын күзүндө А-ту жоюу үчүн Бүткүл росс. БАК атайын комиссия түзгөн (башчысы—В. А. *Антонов-Овсеенко).* М. Н. *Тухачевскийдин* жетекчилигинде Тамбов губ-на аскер жиберилген. 1921-жылдын май—августунда жерг. эмгекчилердин колдоосу м-н козголоң толук басылды.

АНТОЦИАНДАР (гр. ánthos — түс, kyanos — көгүш) — өсүмдүктөрдүн боёгуч заттары. А. хим. структурасы татаал өсүмдүктөрдүн ткандарында кездешүүчү флавон, катехин деген заттарга окшош. Клеткаларда А. жарыктын таасиринен көп жыйналат. Жарыктын жардамы м-н кычкылтекке бай флавондор калыбына келип, А-га айланып турат. А-дын көп жыйналышына төмөнкү темп-ра да жакшы шарт түзөт. Бийик тоодогу же түндүктөгү өсүмдүктөр дайыма суук ж-а өзгөчө жарык шарттарда өскөндүктөн, алардын ткандары А-га өтө бай келет. Мындай өзгөрүүлөр түз жерде өскөн өсүмдүктөрдө жазгы же күзгү суукта байкалат. А. өсүмдүктөрдүн тышкы чөйрөгө ыңгайлашышына чоң жардам берет. Алар күн нурунан хлорофилл сиңире албаган нурларды сиңирип, жалбыракты жылытат. А. гүлдөрдө, жемиштерде айрыкча арбын келип, аларга кооз түс берет.

АНТРАКНОЗ — (гр. ánthrax — көмүр, карбункул ж-а nósos — илдет) — дарак, бадал ж-а чөп өсүмдүктөрүнүн кебер илдети. Бул илдетке чалдыккан өсүмдүктү кара так басып, бүдүрлүү болуп калат. А. көбүнчө ошол илдетке чалдыккан үрөн, өсүмдүк калдыгы, топурак, суу, курт-кумурска ж-а шамал аркылуу таралат. А. мелүүн климаттуу зоналарда болот. О. Азияда ж-а Каз-нда жаан-чачындуу жылы айрыкча көбөйөт. Буга жаңгак, чай ж-а цитрус өсүмдүктөрү көп чалдыгып, түшүм төмөндөйт. А-го каршы күрөшүү чаралары: которуштуруп айдоону туура жүргүзүү; өсүмдүктүн таза сортторун эгүү; дарак ж-а бадал өсүмдүктөрүнүн илдеттүү бутагын жазында кыркып, өрттөп салуу; алардын калдыгын жок кылуу; жайкысын бордос суюктугун же аны алмаштыруучу дарыларды колдонуу.

АНТРАКОЗ (гр. ánthrax — көмүр) — узак убакыт бою таш көмүр чаңы аралашкан абадан дем алуунун натыйжасында адамдын өпкөсүнүн ткандарына чаңдын ширелишинен келип чыккан оору. А.— *пневмокониоз* ооруларынын бир түрү.

АНТРАКТ (фр. entre — аралык, acte — көшөгө) — 1) спектаклдин көшөгө аралыктары же цирк, концерттин бөлүмдөр аралыгы; артисттердин, көрүүчүлөрдүн эс алышы, жасалгаларды алмаштыруу үчүн керектелүүчү убакыт; 2) опералык, драмалык спектаклдерде (1-көрүнүштөн башка) көшөгө ачылаар алдында ойнолуучу муз. пьеса.

АНТРАНИЛ КИСЛОТАСЫ, аминобензой кислотасы, $H_2N—C_6H_4—COOH$ — түссүз кристалл, эрүү t 145°С. Сууда начар, спиртте, эфирде, минералдык к-таларда, жегичтерде жакшы эрийт. Cd, Co, Cu, Ni, Zn, Mo, Pb ж. б. металлдар м-н комплекстүү бирикмелерди пайда кылат. А. к. кээ бир *азо боёкторду* ж-а *жыпар жыттуу заттарды* алууда керектелет.

АНТРАХИНОН, $C_{14}H_8O_2$ — орг. бирикме, ачык сары түстүү кристаллдар. Эрүү t 286°С, кайноо t 380°С; нитробензолдо, анилинде ж-а ысык толуолдо эрийт. А. антрацендин кычкылданышынан же суусуз хлордуу алюминий катышкан фталь ангидридине *бензолду* таасир этүүдөн алынат. А.— боёкторду алуудагы негизги зат. А-ду *сульфирлөө* реакциясы ө. ж-да боёк заттарын синтездөө үчүн колдонулат.

АНТРАХИНОН БОЕКТОРУ — негизинен антрахинондон турган орг. боёгуч заттар. А. б. хим. жактан туруктуу, өңү ачык ж-а жарыкка чыдамдуу. Сууда эрүүчү, негиздик касиети бар А. б. синтет. (капрон, найлон) буларын, суспензия түрүндөгүсү ацетат жибектерин полиэфир булаларын боёодо пайдаланылат. Полиокси-ацетиламино-ацетиламинокси ж. б. антрахинондун татаал бирикмелери жарыкка өтө чыдамдуу, оңбой турган пигменттер катары полигр. ж-а сырдоо ө. ж-да, полиакрилонитрил буласын ж-а жүн боёодо колдонулат.

АНТРАЦЕН, $C_{14}H_{10}$ — конденсацияланган ароматтык углеводород, түссүз кристалл. Эрүү t 216,6°С, кайноо t 351°С. Орг. эриткичтерде аз эрийт, эритмеси кызгылт көк түстө. А-дин мезо-көмүртек атомдору реакцияга өтө оңой кирет, анын кычкылданышынан *антрахинон* алынат. А. 1-жолу 1832-ж. таш көмүр чайырынан табылган. Аны 1867-ж. Ю. Ф. Фрицше таза түрүндө алып, изилдеген. А. негизинен антрахинон, андан түрлүү түстөгү боёктор алууда колдонулат.

АНТРАЦИТ (гр. anthrakitis — көмүрдүн бир түрү) — жог. даражада метаморфизмделген гумустуу *таш көмүр.* Өтө тыгыз, жалтырак, өңү бозомтук кара. Электр тогун жакшы өткөзөт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2,0—2,5. Күйгөн кезде 8100—8350 *ккал/кг* жылуулук чыгарат. Составында 93,5—97% көмүртек бар, андан көп болсо, суперантрацит деп аталат. Жаратылышта А. ар кандай калыңдыктагы (40 *м* ге чейин) катмар түрүндө, девондон тартып триаска чейинки бардык геол. мезгилдерде кездешет. Көмүрдүн дүйн. запасынын 3%не жакынын А. түзөт (к. *Көмүр кендери).* А-тин ири кендери Донбасста, Кузбасста, Карагандыда, о. эле Кытай ж-а АКШда бар. А. негизинен жог. сапаттуу энергет. отун катары, айрым сорттору домна процесстеринде, чоюн эритүү иштеринде пайдаланылат.

АНТРЕПРЕНЕР (фр. entrepreneur — кесип ээси) — жеке менчик оюн-зоок мекемесинин (театрдын, цирктин ж. б.) ээси. А. профессионал өнөрчүлөр топтору жаралганда кошо пайда болгон (16-к.). Коммерциялык пайдага кызыккан А-ден башка театр м-н чыгармачылык байланышы бар А. да болгон. Андай А-дин милдетин көбүнчө башкы актёр, драматург же режиссёр аткарган. Азыр көпчүлүк капит. өлкөлөрдө мамл. театр м-н катар антреприза деп аталган менчик театр мекемелери да бар. Антреприза биздин өлкөдө театрларды мамлекеттештирүү ж-дөгү декрет б-ча жоюлган (1919).

АНТРОПО... (гр. ánthropos — адам) — татаал сөздөрдүн адамга таандык маанини туюндуруучу составдык биринчи бөлүгү (мис., *антропология*, *антропонимика*).

АНТРОПОГЕН МЕЗГИЛИ (системасы), төртүнчүлүк системасы (мезгили) — *стратиграфиялык шкаланын* эң акыркы системасы; Жердин геол. өнүгүү тарыхынын азыркыга чейин улапып жаткан соңку мезгили (к. *Геохронология).* Анын узактыгы 0,6—1,0 млн. жылдан 2,5—3,5 млн. жылга чейин деп эсептелет. А. мезгилин 1825—29-ж. франц. окумуштуу Ж. Денауайе төртүнчүлүк системасы деп атаган. 1922-ж. орус геологу А. П. Павлов бул мезгилдин башында адам пайда болгондуктан, аны антропоген (гр. ántropos — адам, genos — туулуу) мезгили же антропоген деп атоону сунуш кылган. Бирок анын жалпы кабыл алынган эл аралык стратиграфиялык схемасы түзүлө элек. Көбүнчө А. мезгили байыркы (эо), ортоңку (мезо), кийинки (нео), плейстоцен ж-а голоцен деген 4 бөлүктөн турган (Q_I, Q_{II}, Q_{III}, Q_{IV}) схемасы колдонулат (к. схема). А. мезгилинде Жердин климаты суук болгон. Маал-маалы м-н өтө катуу суук жүрүп, жер бетинде муз катмарлары пайда болгон. Натыйжада бир нече муз каптоо ж-а муз аралык кылымдар болуп өткөн. Жер бетин азыркыга караганда 3 эсе көп муз каптап турган. А. мезгилинде муздун таасиринен өсүмдүктөр м-н жаныбарлар дүйнөсү бүтүндөй өзгөрүүгө учураган. Суукка чыдамдуу өсүмдүктөр м-н жаныбарлар пайда болуп, азыркы учурда толук кырылып жоголгон мамонттор м-н жүндүү носорогдор өңдүү жаныбарлар жашаган. Адамдын пайда болушу ж-а өсүп-өнүгүү тарыхы А. мезгили м-н тыгыз байланыштуу. А. мезгилинде жер кыртышынын ири тектон. кыймылдары Евразиянын *альпы бүктөлүү аймагында,* Тынч океандын жээктеринде ж-а Тянь-Шань, Алтай, Саян ж. б. тоолордо болуп турган. Азыркы учурдагы *жер титирөөлөр* алардын уландысы болуп эсептелет. А. мезгилинде кургактык м-н деңиздердин өзгөрүлүп турушуна карабастан, алардын жалпы көрүнүшү азыркы учурдагыга окшошураак болгон. Ошондуктан материктерде континенттүү — чөкмө тоо тектер (лёсс, аллювий, пролювий, муз, көл чөкмөлөрү, эол кумдары ж. б.) кеңири тараган. Бул чөкмө тоо тектер кыртышты пайда кылат ж-а курулуш материалдары м-н чым көңдүн кен байлыгы болуп саналат. Алар м-н алтын, платина, алмаз ж. б-дын кен чачындылары (россыпь) тыгыз байланыштуу. А. мезгилинин проблемалары м-н изилдөө методдору өзгөчө болгондуктан, төртүнчүлүк геологиясы деп аталган илимдин өзүнчө бир тармагы пайда болгон.

Ад.: Марков К. К., Лазуков Г. И., Николаев В. А., Четвертичный период, т. 1—3, М., 1965—67; Чарыгин М. М., Васильев М. М., Общая и историческая геология, М., 1968.

АНТРОПОГЕНДИК ЛАНДШАФТ — пайда болушуна адамдын чарбачылык иши чоң роль ойногон геогр. ланд-



Антропоген мезгилинин (системасынын) Советтер Союзу үчүн жалпы бөлүнүш схемасы
(В. И. Громов, И. Краснов, К. В. Никифорова ж-а Е. В. Шанцер боюнча)

Схема	Бөлүктөр (жаштан карыга карай)
Абсолют. жашы (азыркы мезгилге чейин миң жыл м-н)	10; 75; 250; 600; 1000; 2500; 3500
1960	Антропоген мезгили (системасы) / плиоцен
1960	голоцен (бөлүм, доор) / плейстоцен (бөлүм, доор) / эоплейстоцен (бөлүм, доор)
1960	вюрм кабаты (кылым) (Үстүңкү плейстоцен) / рисс кабаты (кылым) (Астыңкы плейстоцен) / Миндель кабаты (кылым) (Үстүңкү эоплейстоцен) / гюнц кабаты (кылым) (Ортоңку эоплейстоцен) / виллафранк кабаты (кылым) (Астыңкы эоплейстоцен)
1968	Антропоген мезгили (системасы)
1968	плейстоцен кабаты (кылым) (плейстоцен) / виллафранк кабаты (кылым) (эоплейстоцен)
1968	голоцен / үстүңкү плейстоцен / ортоңку плейстоцен / астыңкы плейстоцен / апшерон кабатчасы / акчагыл кабатчасы
1968	зона Bos taurus / зона Mammuthus s. str. / зона Archidiskod wüsti / зона Archidisk meridionalis / зона Archidiskodon gromovi / зона Anancus arvernensis
1968: Жердеги сүт эмүүчүлөрдүн фауналык комплекси	соңку / үстүңкү палеолит (мамонт) Mammuthus primigenius, Coelodonta antiquitatis, Bison deminutus ж. б. м-н / Хазар Mammuthus trogontherii ж. б. м-н / Тирасполь A. wüsti, Equus mosbachensis ж. б. м-н / Таман A. meridionalis, Equus sussenbornensis ж. б. м-н / Хапров Archidiskadon gromovi, Equus stenonis ж. б. м-н / Молдаван anancus arvernensis, arch. gromovi ж. б. м-н
1968: Адамдын эволюциялык стадиялары	Homo sapiens азыркы типтеги адамдар / Неандерталдар Homo neanderthalensis / Питекантроптор (Pithecanthropus; Sinanthropus) / Homo habilis тибиндеги алгачкы адамдар / маймылдын адамга айланган стадиясы
1968: Европадагы адамдардын материалдык маданиятынын өнүгүү стадиялары	азыркы маданият / темир кылым / коло / неолит / мезолит / палеолит: Жогорку палеолит; ортоңку палеолит (мустье); байыркы палеолит (ашель; шелль) / Шелльге чейинки маданият / ?

шафт, к. *Маданий ландшафт*, *Географиялык ландшафт*.

АНТРОПОГЕНЕЗ — *антропологиянын* негизги бир тармагы; адамдын чыгуу тегин изилдөөчү илим. Ал изилдөөчү негизги проблемаларга: адамдын сүт эмүүчүлөрдүн ичинен алар орду, адеп чыккан жери ж-а убагы, адамды адам кылган факторлор кирет. Буларды чечүүдө А. салыштырмалуу анатомия, эмбриология, физиология, палеонтология, археология, геологиянын накта даректерине таянат. Адам түспөлдөш маймыл м-н адамдын теги өтө жакын экенин Ч. Дарвин м-н Т. Гексли толук далилдеди. А-дин негизги фактору жасалма курал пайдаланган коомдук эмгек экенин Ф. Энгельс «Маймылдын адамга айлануу процессиндеги эмгектин ролу» деген эмгегинде көрсөттү. Бирок анын бул даанышман эмгегин реакциячыл бурж. антропологдор бурмалоого, дарвинизмди ревизиялоого тырышты. Алар адам коомундагы ар кандай расаларды ар башка түргө же типке бөлүп (полигенизм), алар маймылдардын ар кандай түрүнөн тараган (полифилия) деген теорияны чыгарышты. Айрыкча, немец антропологу Г. Клаачтын европ. расалар шимпанзеден, негр тектүүлөр горилладан, монгол тектүүлөр орангутангдан тараган деген көз карашы кеңири жайылды. Адам түспөлдөш маймылдардын ичинен адамга көбүреөк окшоштору — Африкадагы шимпанзе м-н горилла. Бул экөөнүн колкосунан чыгуучу артериянын тарамдануу түрү, өпкөсүнүн бөлүктөргө бөлүнүшү ж. б. адамдыкынан айырмасы жок. Ал эми Түш. Азиядагы орангутангдын кабыргалары адамдыкындай 12 жуп болот. Бирок булардын баары — жөнөкөй гана окшоштуктар. Ошондуктан азыркы маймылдардын бири дагы адам тегине жатпайт. Сов. антропология расалардын баары бир тектен чыкканын (моногенизм), ушундан улам алар биол. жагынан бири бирине тең экенин далилдеп, «артыкча жаралган» раса ж-дөгү жалган илимди четке кагат. Адамдын алгачкы чыккан жери илимде али так аныктала элек. Анын адегенде пайда болгон мекенин билүү үчүн изилдөөлөр жүргүзүлүүчү континенттердин катарына Австралия кирбейт. Анткени анда жог. баскычтагы сүт эмүүчүлөр, ал Азиядан бөлүнүп кеткен доордо гана пайда болгон. Эски таш куралдарынын көп табылган жери — Чыг. Азия, Африка м-н Европа. Бирок булардын эң эскиси кайсынысы экени илимге али белгисиз. Казмадан табылган маймылдын адамга эң жакыны — австралопитек (Түш. Африка) м-н Homo habilis (Чыг. Африка). Бирок адам баласы ушулардан тараган деп айтуу кыйын. Анткени алардын айрым топтору адам пайда болгондон кийин деле жашаган. Бирок Homo habilis-тин алгачкы адам тегинин пайда болушунда зор мааниси бар. Эң байыркы адамдын калдыктары *питекантроп* (Ява), *синантроп* (Кытай), *атлантроп* (Түш. Африка) болуп эсептелет. Анткени м-н адамдын алгач чыккан жерин аныктоо үчүн булар да жетишсиздик кылат. Сов. антрополог П. П. Сушкиндин теориясы б-ча ачык ландшафттуу О. Азияда адам тегинин тик туруп басып, адамга айланууусуна мүмкүнчүлүк эртерээк түзүлгөн. Бирок алгачкы адамдын сөөктөрүнүн табылган жери — Африка. Ошондуктан бул маселе азыр да изилденип жатат. Адам 4-доордун алгачкы кезинде, кээде 3-доордун убагында, б. а. мындан 2,5—3 млн. жыл мурда пайда болгон деп болжолдонот. Алгачкы жасалма куралдар да ошол доордо чыккан.

Ад.: Энгельс Ф., Маймылдын адамга айлануу процессиндеги эмгектин ролу, Маркс К. жана Энгельс Ф, Танд. чыг., кырг. бас., 2-т.; Сушкин П. П. Высокогорные области Азии и происхождение человека, «Природа», 1928, № 3.

АНТРОПОЗООНОЗДОР (*антропо...*, zoon—жаныбар, nosos—оору, ылаң)— адам м-н жаныбарлардын жугуштуу ж-а инвазиялуу оорулары. Муну зооноздор деп да атайт. А-го: бруцеллёз, мал туберкулёзу, күлапса, туляремия, маңка, орнитоз, чакалай, лептоспироз, чочко тилмеси, тоо чумасы (адам чумасы), эхинококкоз, трихнеллёз, шарп ж. б. кирет. А-ду жапайы жаныбарлар (коён, суур, чычкан) м-н мите кенелери ж-а курт-кумурскалар таратат. Бул ылаңдар, дарттуу жаныбарды багууда, дарылоодо, сойгондо ж-а алардын продуктуларын пайдаланууда, чийки сүтүн ичкенде, чала бышырылган этин жегенде, адамга жугушу мүмкүн. А-дон сактануу үчүн бул ылаңды жок кылуу (вакциналоо, эмдөө, чарбага карантин коюу, шектүү малды бөлүп, кечиктирбей дарылоо, жолбун итти кармоо, карышкырды атуу) чаралары жүргүзүлөт. Дарттуу малды багууда жалпы ж-а жеке профилактиканы колдонуу зарыл. Эгер биол. препараттар болсо, эмдөө жүргүзүлөт.

АНТРОПОЛОГИЗМ (*антропо...* ж-а logos — окуу) — адамды жаратылыштын эң жог. продуктусу деп эсептеп, адамдагы бардык өзгөчөлүктөр м-н касиеттерди анын табияттан чыккандыгы м-н түшүндүргөн филос. багыт. Бул Маркска чейинки материализмге мүнөздүү. Анын өкүлдөрү адам м-н табигаттын биримдигин жактап, адамды идеалисттерче түшүнүүгө каршы болгону м-н, аны коомдон, коомдук практикадан бөлүп карашкан. *Фейербах* м-н *Чернышевскийдин* философиясында А. эң жог. чегине жеткен. Фейербах абстракттуу индивид, биологиялык нерсе катары карап, коомдук өндүрүштүк мамиленин ролун түшүнгөн эмес. Адамдардын ортосундагы байланыштарды ал дин деп атап, христиан дининин ордуна сезимге негизделген матер. динди түзүүгө аракет кылган. Адамды бир эле сезимдик байланыш м-н түшүндүрүү аны биол. гана жаныбар деп эсептөөгө алып келип, анын социалдык жагдайын танат. Мындан антроп. материализм деген филос. багыт келип чыккан. Чернышевскийдин пикири б-ча, А.— материализмди коргоонун конкреттүү түрү, адамдын табигатына жараша коом куруунун бирден бир туура жолу. Ал турмушка активдүү ж-а рев-чыл мамиле жасоонун негизинде А-дин кээ бир белгилеринен арылууга жетише алган. Азыркы бурж. философияда А. идеализмдин көп түрдүү формаларынын негиздөө үчүн колдонулууда.

АНТРОПОЛОГИЯ (*антропо...* ж-а *...логия*) — кишинин жаралышы ж-а эволюцияланышы, адамзат расаларынын пайда болушу ж-а кишинин дене түзүлүшүнүн нормалдуу вариациялары ж-дөгү илим. А-нын башка илимдердин арасынан алган ордуна Ф. Энгельс негиздеме берип, аны «...кишинин морфологиясы менен физиологиясынан жана анын расаларынан келип тарыхына өтүүнү» байланыштыруучу илим катары аныктаган («Диалектика природы», 1969, 158-б.). Чет өлкөлөрдө А-га кишинин табигый тарыхынан башка этнография м-н археологияны кошушат. Сов. илимде кабыл алынган түшүнүк б-ча А-га: кишинин морфологиясы, *антропогенез* ж-дөгү окуу ж-а раса таануу илими кирет. Кишинин морфологиясы соматология, морфология болуп экиге бөлүнөт. Соматология кишинин бүтүндөй организминин жекече өзгөргүчтүк закон ченемдерин, дене түзүлүшүндөгү жыныстык диморфизмин, өлчөмүнүн ж-а пропорциясынын түйүлдүк мезгилинен карыганга чейин жашына жараша өзгөрүшүн, кишинин дене түзүлүшүнө, конституциясына түркүн биол. ж-а социалдык шарттардын таасир этишин изилдейт. Морфология организмдин айрым бөлүктөрүнүн вариацияларын изилдейт. Мындай изилдөөлөрдөн кишинин башка макулуктар м-н кандай тектеш байланыштары бар экени ж-а анын айбанаттар дүйнөсүндө ээлеген орду аныкталат. Раса таануу илими — расалардын пайда болушун изилдейт. Аны кээде «этникалык» А. деп анчалык так эмес атап жүрүшөт. Раса таануу илими айрым этностордун, б. а. уруктардын, элдердин, улуттардын расалык составын, расалардын классификациясын, калыптануу тарыхын ж-а жаралуу факторлорун; тандалуу процесстерин, обочолонуу, аралашуу, миграция, о. эле раса белгилерине климат шарттарынын ж-а геогр. чөйрөнүн тийгизген таасири сыяктуу маселелерди изилдейт. Этногенезге байланыштуу изилдөөлөрдү А. тил илими, тарых, археология м-н биргелешип жүргүзөт. Расалардын калыптанышындагы негизги нерселерди изилдеген учурда А. генетика, физиология, зоогеография, климатология, түрлөрдүн түзүлүшүнүн жалпы теориясы м-н тыгыз байланышат. А. денени өлчөө, формаларын жазуу ж-а ченоо аркылуу изилдейт. Жазуу методикасы — антрополоскопия, өлчөө методикасы антропометрия деп аталат. Антропометриялык материалдарды иштеп чыгууда статистикалык методдордун ролу зор. Краниология, остеология, одонтология, антроп. фотография. алакан м-н тамандын тактарын түшүрүп алуу, гипотен, беттин ж-а баш сөөктүн кебин алуу (эндокран) А-лык изилдөөлөрдүн маанилүү методдору болуп эсептелет. Раса таануу илиминде геогр. метод, б. а. айрым расалык белгилердин маанисин карталарга түшүрүү ж-а ошол карталарды бири-бири м-н жалгаштыруу чоң мааниге ээ болду. Этногр. ж-а тарых маалыматтары м-н айкалыштырганда, геогр. метод расалык анализдин негизин түзөт. Окутууда, музей ишинде, криминалистикада баш сөөктүн өзгөчөлүктөрү м-н беттин жумшак бөлүктөрүнүн байланышын (корреляциясын) текшерип билүүнүн негизинде адамдын баш сөөгү б-ча анын түспөлүн калыбына келтирүү жолдорун колдонушат. Бул иштерди СССРде 1927-жылдан бери М. М. *Герасимов*, ал эми кийинчерээк болсо анын кызматташтары кеңири масштабда иш жүзүнө ашырып жатат. А. илими СССРдин көп элдеринин келип чыгышы ж-а түзүлүшү ж-дөгү маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берди. Сов. антропологдор акцелерациянын актуалдуу проблемасы, б. а. бардык жерлерде байкалып жаткан балдардын тез чоңоюу ж-а физиол. өнүгүү проблемасы б-ча кеңири изилдөөлөрдү жүргүзүштү.

Ад.: Рогинский Я. Я., Левин М. Г., Антропология, 2 изд., М., 1963; Гримм Г., Основы конституциональной биологии и антропометрии, М., 1967.

АНТРОПОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ, Москвадагы Ломоносов атындагы мамлекеттик университетинин алдындагы Анучин атындагы антропология институту — антропологиянын негизги проблемаларын изилдөөчү ил. мекеме. Ин-тту 1922-ж. ун-ттин антроп.

музейи ж-а кафедрасынын базасында Д. Н. *Анучин* уюштурган. Ин-т адам денесинин өнүгүшүн, өсүп бараткан организмдин морфол. ж-а физиол. өзгөчөлүктөрүнүн динамикасын, ага ар кандай биол. ж-а социалдык факторлордун тийгизген таасирин ж. б. маанилүү проблемаларды изилдеп, колдонмо антропология б-ча ил. иштерди жүргүзөт. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары «Вопросы антропологии» ж. б. жыйнактарда жарыяланып турат.

АНТРОПОЛОГИЯЛЫК ТИПТЕР — дене түзүлүш белгилеринин мурас болушу жагынан жалпылыгы бар, теги бирге адамдардын топтору. Кеңири мааниде алганда, А. т. адамзат расаларынын синоними болуп эсептелет. Бирок көбүнчө А. т. деп антроп. классификациянын бир чоң расага (европеоид, монголоид, негроид ж. б.) тийиштүү майда бөлүктөрүн аташат.

АНТРОПОНИМИКА — *лексикологиянын* адамдардын аттарын изилдөөчү бөлүмү. *Ономастиканын* бир тармагы.

АНТРОПОСОФИЯ (*антропо...* ж-а гр. sophia — акылмандык) — адамды кудай кылып көрсөткөн диний-мистикалык декаденттик философиянын бир түрү. А-га 1-дүйн. согуштун алдында мистик немец илимпозу Рудольф Штейнер (1861—1925) негиз салган. Ал 1913-ж. «Жалпы антропософия коомун» уюштурган. А. 1-дүйн. согуштун алдында ж-а андан кийин Германияда бурж. интеллигенциянын арасында кеңири таралган. А-нын негизин пифагорчул ж-а неоплатончул мистикадан, гностиктерден, масондордон ж-а немец натурфилософиясынан кабыл алынган диний-филос. идеялардын аралашмасы түзөт. А-нын социалдык идеалы — платончул типтеги реакциячыл утопиялык мамлекет. А. азыркы мезгилде Англия, АКШ ж-а ГФР сыяктуу бир катар импер. өлкөлөрдө сакталып келе жатат.

АНТРОПОСОЦИОЛОГИЯ (социология да), к. *Расачыл антропология мектеби.*

АНТРОПОХОРИЯ (*антропо...* ж-а гр. choréo — барамын, жылам ын) — өсүмдүктөрдүн илээшин таралышы. А. өсүмдүктөрү табигый ареалдарынан башка жаңы шартка көнүгүшөт. Антропохорлорго көбүнчө отоо ж. б. өсүмдүктөр кирет. Алар ар кыл жолдор м-н тарайт; трансп. каражаттар м-н—агестохория, себилген үрөн м-н—спейрохория, а. ч. куралдары ж-а машиналарын иштеткенде тараса, эргазиохория деп аталат. Кээде А. кеңири мааниде колдонулат, мында антропохорлорго адамдардын катышуусу м-н таралган бардык өле өсүмдүктөр, алардын ичинде эгилме өсүмдүктөр да кирет.

АНТРОПОЦЕНТРИЗМ (гр. *антропо...* ж-а лат. centrum — борбор) — аалам дын түп негизи ж-а максаты адам деп эсептеген идеалисттик көз караш; теологиянын бир түрү. Диний окуу м-н тыгыз байланышта болуп, илимге каршы. А. көз карашын тогүндөөдө Коперниктин теориясы, Дарвиндин окуусу ж. б. ил. ачылыштар өбөгейсиз зор салым кошту. А-ди байыркы грек философу Сократ негиздеген, кийинчерээк бул көз караштуу патристиканын, схоластиканын өкүлдөрү, жаңы мезгилдин көз бир философтору колдогон.



Д. Н. Анучин.

АНТТАР — 4—7-к-дагы чыг. славян уруулары. Бул уруулардын 6—7-к-дагы византиялык жазуучулар ушундай деп аташкан. А. Днестр м-н Днепрдин чыгышындагы токойлуу талаа зонасын мекендеген, жер айдап, мал багып отурукташкан калк болгон. Буларда кол өнөрчүлүк жакшы өнүккөн, күл жумшаган. 3—4-к-да А. өз мамлекетин курган. 4-к-да алар гот уруулар ына каршы катуу күрөшкөн. 385-ж. готтор А-ды багындыра албай, жеңилип калган. 6-к-дын башында А. Византиянын Балкандагы ээлеп турган элдерине чабуул жасап турган, ал эми 550—551-жылдагы согушта алардын бир бөлүгү Балканда биротоло калат. Отондон тартып Балканды славяндардын колонияла шы ылдамдайт. 6-к-дын аягында А. аварлар м-н согушкан. 7-к-дын башынан бери А-дын аты жазмада кездешпейт, алардын ордун жаңы бирикме — *Русь* эзелеген.

АНУЧИН Дмитрий Николаевич (27. 8. 1843, Петербург —4. 6. 1923, Москва) — сов. антрополог, географ, этнограф, археолог. Москва ун-тинин проф. (1884), акад. (1896). 1890-жылдан Табият таануу, антропология ж-а этнографияны сүйүүчүлөр коомунун президенти. Россияда 1-ачылган геогр. (1885—1923) ж-а антроп. кафедраларын (Москва ун-ти) башкарган. А. илимий эмгектеринде реакциячыл, расачыл теорияларды бетин ачып, антропологияга прогрессчил идеяларды киргизген. Окт. рев-ясынан кийин сов. курулушка, Госпландын, Наркомпростун, ил. мекемелердин иштерине активдүү катышкан. А-дин адамдын баш сөөгүнүн аномалиясы ж-а Россиядагы эркектердин көбөйүшүнүн геогр. болуштөрү (1898), Волга башындагы көлдөр ж-а бат. Двинанын жог. агымы (1897) ж-дөгү эмгектери али өз мааниси жогото элек.

АНШЛЮС (нем. Anschlus — кошуп алуу) — Германиянын Австрияны басып алуу саясаты. А-ту ишке ашыруурга герман буржуазиясы 1919-ж. эле аракет кылган. 1934-ж. фаш. Германия Венада австр. улутчулдардын жардамы м-н козголоң жасап, 1936-ж. Австрияга «Германиялык 2-мамлекет» деп жарыяланган бүтүмдү таануулады. 1938-ж. фаш. Германия, Америка, Франция өкмөттөрүнүн колдоосу м-н Австрияны басып алып, аны Германияга кошулду деп жарыялады. СССР гана Австриянын көз каранды эместигин жактап, А-ка каршы чыкты. 1945-ж. апрелде Сов. Армия Австрияны бошотком соң. анын көз каранды эместиги кайра калыбына келди. 1955-ж. 15-майда Австриянын суверенитетин ж-а көз каранды эместигин толук ырастоочу, А-ка тыюу салуучу мамл. договорго кол коюлду. Австрия башка мамлекеттер м-н ар кандай саясий согуштук союздарды түзбөөгө ж-а бейтараптыкты бекем сактоого милдеттенди.

АНЫК САН — бардык оң, терс сандардын ж-а нолдун жалпы атамасы. А. с-ды көп учурда чыныгы сан деп аташат; чыныгы сан деген атаманын өзү эле аны мнимый санга карамакаршы коёт, к. *Сан.*

АНЫК ЭМЕС КОЭФФИЦИЕНТТЕР МЕТОДУ — кандайдыр бир туюнтманын түрү алдын ала белгилүү болгон учурда, анын коэффициенттери табуу үчүн колдонулуучу матем. метод. Ар кандай рационалдуу функция $\frac{2x^2-3}{x(x^2-4)}$ жөнөкөй бөлчөктөрдүн суммасына $\frac{A}{x}+\frac{B}{x-2}+\frac{C}{x+2}$ ажыратылат. Аларды табуу үчүн бул эки туюнтманы барабарлайбыз:

$$\frac{2x^2-3}{x(x^2-4)}=\frac{A}{x}+\frac{B}{x-2}+\frac{C}{x+2}.$$

Мында A, B ж-а C коэффициенттерин аныктоо талап кылынат. Жалпы белүмдөн кутулуп, окшошторуп, топтоо м-н жөнөкөйлөштүргендөн кийин, төмөнкүнү алабыз: $2x^2-3=(A+B+C)x^2+2(B-C)x-4A$. Акыркы барабардык x тин бардык маанилеринде туура болууга тийиш, анда x тин бирдей даражага ээ болгон мүчөлөрүнүн коэффициенттери бирдей болот. Натыйжада: $A+B+C=2$, $2(B-C)=0$, $-4A=-3$ системасына ээ болобуз. Аны чыгарганда төмөндөгү маанилер алынат: $A=\frac{3}{4}$; $B=\frac{5}{8}$ ж-а $C=\frac{5}{8}$. Берилген туюнтманын ажыратылышы жазылышы:

$$\frac{2x^2-3}{x(x^2-4)}=\frac{3}{4x}+\frac{5}{8(x-2)}+\frac{5}{8(x+2)}$$

Акыркы барабардыктан туюнтманын тууралыгын оңой текшерүүгө болот. Чыгаруунун мындай методдору математикада кеңири колдонулат.

Лб.: Смирнов В. И., Курс высшей математики, т. 1, 23 изд., М., 1974; Степанов В. В., Курс дифференциальных уравнений, 6 изд., М., 1953.

АНЫК ЭМЕС ФОРМА — a_{ij} коэффициенттери чыныгы сан болгон квадраттык форма: $\sum_{i=1}^{n}\sum_{j=1}^{n}a_{ij}x_ix_j$. А. э. ф. белгисиздердин чыныгы маанилеринде оң же терс маанилерге ээ болгон чыныгы сан. Мис., А. э. ф. $x^2+y^2+z^2-c^2t^2$ түрүндө салыштырмалуулук теориясында чоң роль ойнойт. Ал көп аргументтүү функциялардын экстремумдарын үйрөнүүдө, механикада, аналит. геометрияда көп кездешет.

АНЫКСЫЗДЫКТАРДЫН КАТЫШЫ — бир эле мезгилде толкун ж-а бөлүкчө катары каралып, элементардык бөлүкчөлөрү бир бирине айкашпаган, бир убактын ичинде координаталарын ж-а импульсун өтө так чөнөөгө мүмкүн болбогон кванттык механикасынын негизги жоболорунун бири. А. к. В. Г. Гейзенберг (1927-ж.) ж-а Н. *Бор* тарабынан аныкталган. А. к. координаталар м-н импульстун аныксыздыктарынын (Δx, Δp) өз ара сандык каттыштары төмөнкүчө туюнтулат: $\Delta x\cdot\Delta p>\frac{h}{4\pi}=\frac{\hbar}{2}$; $\hbar=\frac{h}{2\pi}$, h — Планк туракту у саны.

АНЫКТАГЫЧ (детерминант) — математиканын түрдүү тармактарында кездешүүчү алгебр. өзгөчө туюнтма. А. аркылуу сызыктуу теңдемелердин чыгарылышы туюнтулат. n^2 элементтен турган $\|a_{ik}$ квадрат матрицасы берилсе, мында $1\leqslant i\leqslant n$, $1\leqslant k\leqslant n$; i — матрицанын саптарынын номери, k — мамычанын номери, квадрат матрицанын аныктагычы:

$$\Sigma\pm a_{1\alpha}\,a_{2\beta}\ldots a_{n\gamma}=\begin{vmatrix}a_{11}a_{12}\ldots a_{1n}\\ a_{21}a_{22}\ldots a_{2n}\\ \vdots\\ a_{n1}a_{n2}\ldots a_{nn}\end{vmatrix}$$

түрдө жазылат; мында $\alpha, \beta, \ldots, \gamma\|1, 2, \ldots, n$ сандарынын орун алмаштырылышы. Эгерде орун алмаштыруу саны жуп болсо, анда ал мүчөнүн белгиси оң, так болсо — терс болот. Экинчи тартиптеги А. $a_{11}a_{22}-a_{12}a_{21}$. А-та $n!$ мүчө болуп, алардын жарымы «+», жарымы «—» м-н алынат. А-ты эсептөөнү жеңилдетүүчү касиеттери: 1) А-ты саптары м-н мамычаларынын орундарын өз ара алмаштыруудан ал өзгөрбөйт; 2) А-тын эки сабынын (мамычасынын) орундарын алмаштырсак, анын белгиси карама-каршыга өзгөрөт; 3) А-тын сабынын бардык элементтеринин жалпы көбөйтүүчүсү А-тын белгисинин алдына чыгарылат; 4) А-тын кандайдыр бир сабынын (мамычасынын) элементтерине башка бир сабынын эркибизче алынган санга көбөйтүлгөн элементтерин кошсок, андан n А. өзгөрбөйт; 5) А. $\sum_{j=1}^{n}(-1)^{i+j}a_{ij}D_{ij}$ суммасы түрүндө берилиши мүмкүн, мында D_{ij} берилгенден i—саптын ж-а j мамычаны чийип салуудан алынган. Жогоруда айтылган касиеттердин жардамы м-н n тартиптеги А-ты эсептеп чыгаруунун *(n—1)* тартиптеги, андан ары *(n—2)* тартиптеги А-ты эсептөөгө келтирилет.

Лб.: Курош А. Г., Курс высшей алгебры, М., 1955.

АНЫКТАЛБАГАН ТЕҢДЕМЕ — эки же андан көп белгисиздери болгон бүтүн же рационалдык коэффициенттүү алгебр. теңдеме. А. т-нин чыгарылышы бүтүн же рационалдык сан болушу талап кылынат. Мис., эки белгисизи бар 1-даражадагы А. т. $ax+by=1$ *(a, в* өз ара жөнөкөй сандар) $x=x_0+et$, $y=y_0-at$ түрүндө чексиз көп бүтүн сандык чыгарылышка ээ. x_0, y_0—анын жеке чыгарылыштары, t — ар кандай бүтүн сан. $x^2+y^2=z^2$ теңдемеси $x=t^2-s^2$, $y=2ts$, $z=t^2+s^2$ жалпы чыгарылышка ээ. t, s — ар кандай бүтүн сандар.

АНЫКТАЛБАГАН ТУЮНТМА — пределдердин суммасы, көбөйтүндүсү, тийиндиси, даражасы ж-дөгү теореманы түздөн-түз колдонуу м-н пределдерин эсептөөгө мүмкүн болбогон туюнтма. А. т-нын символдук белгилениши: $\frac{0}{0}, \frac{\infty}{\infty}, 0\cdot\infty, \infty-\infty, 1^\infty, 0^0, \infty^0$. Айрым функциялар белгисиздердин кандайдыр бир маанилеринде А. т. болуп, калган маанилеринде А. т. болбойт. Мис., $\sin x/x$ туюнтмасы $x\to\pi$ да А. т. боло албайт. Бардык өле А. т. пределге ээ боло бербейт. Мис., $\frac{\sin x\cdot\sin\frac{1}{x}}{x}$ туюнтмасы $x\to0$ да пределге умтулбайт. Пределге ээ болгон А. т-нын пределин табуу «аныксыздыкты ачуу» деп аталат.

Лб.: Смирнов В. И., Курс высшей математики, т. 1, 23 изд., М., 1974; Фихтенгольц Г. М., Курс дифференциального и интегрального исчисления, т. 1, 3 изд., М.—Л., 1951.

АНЫКТАЛГАН ИНТЕГРАЛ — матем. анализдеги негизги түшүнүктөрдүн бири. $[a, в]$ туюк интервалда $f(x)$ чыныгы функциясы берилсин. Интервалды n айрым интервалдарга $a=a_0<a_1<\ldots<a_n=в$ чекиттери аркылуу болуп, ар бир айрым интервалдан каалагандай x_i чекитти алабыз. Эгерде берилген интервалды чексиз бөлгөндө, $\Sigma f(x_i)(a_i-a_{i-1})$ пределі бар болсо, анда ал $f(x)$ функциясынын $[a, в]$ интервалда аныкталган интегралы деп аталат ж-а $\int_a^b f(x)dx$ аркылуу белгиленет. А. и-дын геом. мааниси: эгерде $f(x)$ оң болсо, анда $\int_a^b f(x)dx$ интегралы $x=a$, $x=в$, $y=0$ түз сызыктары, $y=f(x)$ ийри сызыгы м-н чектелген фигуранын аянтын берет.

АНЫКТАМА, дефиниция (лат. definitio — аныктама) — таанын билүү натыйжаларын түшүнүк формасында жыйынтыктоонун негизги логикалык ыгы. Бир нерсеге аныктама берилгенде, биринчиден, ал м-н байланышуу объектилер системасындагы ошол нерсенин орду белгиленет, экинчиден, ошол системанын ичиндеги анын аткара турган функциясы көрсөтүлөт. А. берүүнүн эки (формалдык ж-а мазмундук) жолу бар. А-нын жалпы шарттары формалдуу логикада изилденет. Мында аныктала турган нерсенин маанилүү ж-а маанилүү эмес касиеттери м-н А-нын акыйкаттыгы эскерилбейт. Формалдуу логикадагы А-нын формаларын Аристотель изилдеген. Диалек. логика А-нын мазмунун, акыйкаттуулугун камсыз кыла турган принциптерди алдыга коёт. Бул принциптер б-ча, А-да нерсенин маанилүү өзгөчөлүктөрү ар тараптан толук камтылат. А. нерсенин каалаган бир абалын белгилүү бир системадан, контекстten бөлүп алып корутундулабайт; А. нерсенин өнүгүшүнүн булагы болгон негизги каршылыкты ачууга тийиш; А-га барыл түрдө коомдук-тарыхый практиканы киргизүү керек. Объектинин жаратылышына, таанып-билүүнүн өнүгүү даражасы м-н максатына жараша таанып-билүү процессинин түрдүү шарттарында перселер м-н бирге терминдер да, сүйлөмдөр да А-нын предмети болууга мүмкүн. Ушуга байланыштуу А. реалдуу ж-а номиналдуу болот. Реалдуу ж-а номиналдуу А-лардын айырмасы абсолют эмес, ал практикадагы зарылдыкка байланыштуу болот. Өзүнүн гносеологиялык ордуна карай, колдонула турган логикалык ыгына жараша пайда болуп, нерсени толук мүнөздөй турган А. ачык-айкын А. деп аталат, объектинин аралык мүнөздөмөлөрүнөн, ошол системадагы башка объектилер м-н өз ара катыштары аркылуу алынган кыйыр А. көмүскө А. деп аталат. Көмүскө А-ларга жалпы нерсего — объектилерге аксиомалар системасы аркылуу А. берилиши кирет. Азыркы формалдык логикада семантикалык ж-а синтаксистик А-лар каралып жүрөт. А. белгилүү бир тармакка берилип, аны аныктоо башка бир нерсе аркылуу орундалса, андай А. семантикалык А. деп аталат. Синтаксистик А. тил илиминин талдоо жасоо эрежелери аркылуу берилет. Мындай А-лар математикада да колдонулат.

Лб.: Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; ошонуку, Диалектика природы, Маркс К. и Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 20; Аристотель, Аналитика первая и вторая, пер. с греч., Л., 1952.

АНЫКТООЧ — атоочтордон же заттаашкан башка сөздөрдөн турган сүйлөм мүчөлөрү м-н байланышып, алардын ар түрдүү белгисин аныктап көрсөтүүчү айкындооч мүчө. Кыргыз тилинде А. аныкталгычы м-н ыктаашуу же кыйышуу аркылуу байланышып, алардын өңү-түсүн (кызыл галстук), формасын (тоголок таш), көлөмүн (чоң үй), сапатын (бышык материал), мүнөзүн (шайыр келин), санын (жүз пионер), эмнеден жасалгандыгын (алтын саат), бирөөгө таандык экендигин (мектептин багы) көрсөтөт.

АНЬХОЙ, Аньхуэй — Кытайдын чыгышындагы провинция. Яңцзы ж-а Хуайхэ д-ларынын төмөнкү агымын-

да. Аянты 139,9 миң км². Калкы 35 млн. (1967—68). Админ. борбору — Хэфэй. Рельефи негизинен түздуктуу, климаты субтропиктик-муссондук, жайы ысык, кышы жылуу. Январдын орт. темп-расы 0°—4°С, июлдуку 24°—28°С. Жылдык жаан-чачыны 600—1500 мм. А.— көп тармактуу а. ч. провинциясы. Негизги эгилүүчү өсүмдүктөрү: күрүч, буудай, чай (өлкөдө 3-орунда), тамеки, пахта, жүгөрү, таруу, соя. Пайдалуу кендери: темир, жез, көмүр. Маанышань металлург. э-ду, Уху ш-да кеме куруу верфи, Хэфэй, Банбу ш-ларында а. ч. машиналарын жасап чыгаруучу ишканалары бар. Провинцияда уя тартуу, күрүч ж-а пахта тазалоо э-ддору, тамеки, чай ф-калары бар. Ири порттору: Уху, Юйцикоу, Банбу.

АНЬШАНЬ — Түн.-Чыг. Кытайдагы Ляонин провинциясындагы шаар. Калкы 800 миң (1961). Өлкөдөгү оор э. ж-нын негизги борборунун бири. Бир нече заводду биriктирген ири металлургия комбинаты (100 мингден ашык жумушчусу бар), химия (жер семиртkичтер м-н кислота өндүрүлөт) ж-а кен э. ж. жабдыктарын жасоочу э-ддору бар. А.— шоссе ж-а т. ж. тоому.

АНЬЯЛ СОЮЗУ — 1788-ж. июнда шведдердин королу Густав IIIнүн Россияга согуш жарыялашына байланыштуу швед ж-а финн офицерлеринин чексиз бийликке каршы заговору. А. с-нун негизги программалык документтери түзүлгөн Аньял кыш-нын аты м-н аталган. Заговорго катышкандар Россия м-н тынчтык келишимин түзүүнү, риксдагды чакырууну ж-а 1772-жылдагы чексиз бийлик төңкөрүшүнө чейинки тартипти калыбына келтирүүнү талап кылышкан; алардын бир бөлүгү Финляндияны Швециядан бөлүнүү сурашкан. 1789-жылдын башында А. с-на катышкандар камакка алынып, өлүм жазасына, сүргүнгө ж-а каторгалык жумуштарга өкүм кылынган.

АНЬЯН — Кытайдын Хэнань провинциясындагы шаар. Хуаньшуй (Хуанхэ алабы) д-нын жээгинде. Пекин — Ухань т. ж-дагы станция. Кебез кездеме токуу, тамак-аш э. ж. ишканалары бар. Аньян шаар урандысы Хуаньшуйдун жээгинде сакталып калган. Кытай археологдорунун изилдөөлөрүнүн убагында үй, дворец, храмдардын урандылары, күмбөздөр, асемдик үчүн алтындан, колодон ж-а баалуу таштан жасалган буюмдар, жазуусу бар сөөктөр табылган. Аньян б. э. ч. 1-к-да Инь доорундагы Кытай мамлекетинин борбору болгон.

АҢ-АРЫК — Москва р-нундагы Председенка сельсоветине караштуу кыштак. Фрунзе атн. к-ндун аймагында. Р-ндун борбору Беловодскийден 15 км түн. тарапта, Беловодский т. ж. станциясынан 20 км. Калкы 708 (1973). Сегиз жылдык мектеп, балдар санаторийи, клуб, китепкана бар.

АҢГЕМЕ (дидактикада) — окуучулардын акыл ишмердүүлүгүн оркүндөтүү методдорунун бир түрү. А. түрүндө сабак өтүү мугалим окуучуларга жаңы теманы түшүндүрүп кете турган бир нече суроолорду берет. Мугалим ж-а окуучулар берген суроолорго бир окуучу жооп берсе, калгандары аны тактайт, түзөтөт, окуучулар ошондой жол м-н жаңы теманы өздөштүрүп, өткөн сабактарды бышыкташат. Жооп же толуктоо туура болбосо, мугалим жетектөөчү суроолор берет же өзү түшүндүрүүгө аралашат. Окутуунун мындай методу сабактын көнүгүлүк түрлөрүндө колдонулат.

АҢГЕМЕ (же новелла) — ад-ттын баяндоо багытындагы үч жанрынын (аңгеме, повесть, роман) бири; кара сөз м-н жазылган чакан чыгарма. А. көбүнчө турмуштагы жеке бир окуя, айрым бир көрүнүш, адам өмүрүнүн мүнөздүү бир учуру ж-до баяндап, ошолор аркылуу коомдук маанилүү маселелерди козгоп, өз алдынча изилөлүк-эстет. милдет аткара алат. Демейде А-нин көлөмү кыска, каармандары аз, окуясы жөнөкөй болот. Бирок А. көлөмдүү, татаал сюжеттүү, көп каармандуу болушу мүмкүн. А-нин мыкты үлгүлөрүн Ж. *Боккаччо* (Италия), П. *Мериме*, Г. *Мопассан* (Франция), Марк *Твен*, О. Генри (АКШ) ж. б. жараткан. Орус ад-тында А. жанрынын өнүгүшү А. С. *Пушкин*, И. С. *Тургенев*, Л. Н. *Толстой*, А. П. *Чехов*, М. *Горькийлердин* ысымына байланыштуу. Кыргыз ад-тында А. жанр катары 20-жылдары жаралып, 30—40-ж. калыптанды. К. *Баялиновдун* «Мурат», Ж. *Турусбековдун* «Бир болгон нш», М. *Элебаевдин* «Бороондуу күнү», А. *Токомбаевдин* «Күүнүн сыры», Т. *Сыдыкбековдун* «Сагынбадымбы» деген аңгемелери ад-тыбыздын пускалуу чыг-ларына айланды. 50—60-ж. биздин ад-тта А. жанры андан ары өнүгүп, тематикалык чөйрөсүн кеңейтти, идеялык-эстет. сапатын бийиктетти, форма жагынан татаалданды, психологизм м-н каныкты. Буга Ч. Айтматов ж. б-дын аңгемелери жакшы далил.

АҢ-ӨСТӨН — Ысык-Көл обл-ныи Жети-Өгүз р-нундагы Ак-Добо сельсоветине караштуу кыштак. «Ысык-Көл» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Покровкадан 22 км түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 210 км. Калкы 1046 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АҢ-СЕЗИМ — жогорку өнүккөн материяга гана таандык касиет — *эс*, ал сыртқы материалдык дүйнөнүн мээге чагылышы. Чагылуу бардык нерселерге таандык, бул — алардын өз ара бири-бирине тийгизген таасирinин натыйжасы. А.-с.— чагылуунун аң жог. формасы, перселердин мээге гана чагылышы. А.-с. келип чыгышы үчүн мээнин болушу зарыл. Бирок мээ өзүнөн өзү эле А.-с-ди пайда кыла албайт. Мис., жаңы төрөлгөн баланын мээси бар, бирок эси али жок. Демек, мээ — материянын формасы болуу м-н түбаса персе. Ал эми эс түбаса эмес, ар бир адам аны сыртан алат. Эгер жаңы төрөлгөн баланы эч бир сыртқы дүйнө м-н катнаштырбай, өзүнчө бөлөк жайда өстүрсө, анда ал адам болбой калат да, айбандык сапаттан чыкпайт. Жаңы төрөлгөн балага сыртқы дүйнө таасир өткенде, ошо ж-догу сигналдарды сезим мүчөлөрү (көз, кулак, мурун, тил, тери сезими) аның мээсине жеткизет. Натыйжада таасир эткен нерсенин элеси (тагы, изи, сүрөтү) мээге түшүп калат. Дал ушул элес А.-с. деп аталат. Демек, А.-с.— мээ м-н тышкы дүйнөнүн ортосундагы катнаштын натыйжасы. Ф. Энгельс сөздүн ушул маанисинде А.-с-ди мээнин продуктусу деген. Эгер тышкы дүйнө болбосо, анда аның мээ м-н чагылышы болбой, аның анда элеси да калмак эмес. Ошондуктан материализм А.-с-ди тышкы материалдык дүйнөгө караганда экинчи, аның туундусу деп карайт. Материянын негизги касиети аның материалдуулугу, объективдүүлүгү болгон сыяктуу эле А.-с-дин негизги касиети — аның идеялуулугу, субъективдүүлүгү. Бул касиеттин 2 белгиси бар: 1) адамдын мээсинде жашап, аның өзүнө баш нет; 2) башкалардын сезим мүчөлөрүнө таасир этпейт, ошондуктан адамдар бири бирinин оюн билбейт. Өз оюнда эмне бар экенин ар бир адам өзү гана билет. Ал ойду башкаларга жеткирүү үчүн адам сөздү пайдаланат. Сөз болсо ар кандай тыбыштардын айкалышынан туруп, мээдеги субъективдүү элестин аты болуп саналат. Тыбыш — абанын толкуну катарында материалдык персе. Сөздү айтуу м-н ойдогу элес туюнтулат. Ушул себептен А.-с-ди биз идеалдуу дүйнө деп атайбыз. В. И. Ленин ойду «тунук» деп атаган. Антекени ал адамдын сезим мүчөлөрүнө чагылбайт. А.-с-дин 2 баскычы бар: алардын бири—сезүү. Ал 2 формадан турат: сезүү — сезим мүчөлөрүнүн тышкы дүйнө м-н түздөн-түз катылышы; кабыл алуу — сезилген сигналдын нерв аркылуу мээге берилиши; элес—мээге түшкөн тышкы дүйнөнүн тагы. Булар мээси, нерви бар бардык жаныбарларга таандык. Алардан адамдын айырмачылыгы А.-с-дин 2-баскычына эө болгондугунда. Ал абстрактык ойлоо болуп саналат. Бул да 2 формадан турат, түшүнүк — перселердин идеалдык элеси, аның аты сөз болуп саналат; ой жүгүртүү — сөз тизмеги, сүйлөмдөр; корутунду-ойлоонун натыйжасы. Мында адам тышкы дүйнө м-н сөз аркылуу байланышат. Бул баскыч—абстраттуу ойлоо. А.-с. — биол. эмес, коомдук кубулуш. Адам жашоо үчүн даяр персе болбогондуктан, ал эмгек м-н керектүү буюмдарды өндүрүүгө аргасыз болот. Дал ушул эмгектенүү зарылдыгы адамдын А.-с-ин талап кылат. Ошентип, А.-с-дин чыгышынын себеби эмгек болуп саналат.

Ад.: Маркс К., Фейербах жонундогу тезистер, Маркс К., Энгельс Ф., Танл. чыг., кырг. бас., 1-т.; Энгельс Ф., Людвиг Фейербах жана классикалык немец философиясынын акыры, ошондо эле, 2-т.; Маркс К. и Энгельс Ф., Святое семейство, Соч., 2 изд., т. 2, Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Чыг., кырг. 1-бас., 14-т.; ошонуку, Философиялык дептерлер, ошондо эле, 38-т.

АҢ-СЕЗИМДҮҮЛУК ЖАНА СТИХИЯЛУУЛУК — тарыхый материализмдин коомдук турмуштун процесстерин мүнөздөөчү категориясы. Адамдын ою, ниети алдына койгон максатына ылайык ыраттуулук м-н иш жүзүнө ашырылса, аң-сезимдүүлүккө жатат. Ал эми мурда ниеттелбеген, адамдын эркине баш ийбей иш жүзүнө ашкан перселер стихиялуулук деп аталат. Бул принцип жаратылыш м-н коомдогу закондордун биримдигин ж-а айырмасын, объективдүүлүк м-н субъективдүүлүктүн, материалдуулук м-н идеалдуулуктун карама-каршылыгын ж-а өз ара байланышын ачып көрсөтүүдө зор роль ойнойт. Объективдүү шарттарды өзгөртүү, ишелларды иш жүзүнө ашыруу үчүн адамдардын практикалык ишмердиги керек. Идея массаларга тарары м-н материалдык күчкө, турмуштун объективдүү шарттарынын биринө айланат. Мис., азыркы кезде социализм идея гана болбостон, СССРде иш жүзүнө ашырылып, чыныгы реалдуулукка, объективдүүлүккө айланып олтурат. Партия өзүнүн ишмердиги м-н жумушчу табына соц. аң-сезим киргизет ж-а анын стихиялык күрөшүнө аң-сезимдүү мүнөз берет. Марксизм-ленинизм классиктери рев-чыл теориянын, эл массасынын аң-сезимдүүлүгүнүн маанисин, жумушчу кыймылынын рев-чыл, уюштургуч күчү катарында партиянын ролун жогору көтөрдү.

АҢЧЫ ИТ аңчылыкта пайдаланылат. Аның лайка, жойчу, тайган ж-а машке сыяктуу тукумдары бар. А. и. күлүк, чыдамкай, сак, жытчыл келет. Секундасына 20 м ге чейин чуркайт. Лайка карагайдын учундагы тыйын чычкан былк этер замат туят, машке илбээсиндерди алыстан эле сезет. Лайка аюу м-н илбирске, тайган—карышкыр, кийик, түлкүгө, коңулчу ит кашкулак, суур д. у. с-га аңчылык кылууда пайдаланылат. СССРде даярдалган баалуу аң терилеринин (тыйын чычкан, киш, суусар ж. б.) 60—70%ин лайка ити тиштеп берет. Кырг-нда көбүнчө тайган ж-а машке м-н уута чыгат. А. и. жылыга вет. кароодон өткөрүлөт.

АҢЧЫ ЭЛДЕР — аң уулоону кесип (чарба) кылып күн көргөн элдердин этнографиядагы шарттуу аталышы. Мындай чарбачылык Африканын тропиктик токойлорунда, Түш.-Чыг. Азияда, Түш. Америкада 1-жолу пайда болуп, айрым жерлерде азыр да бар. А. э. көчүп-конуп, үйдүн ордуна чөптөн, бак-даректын бутактарынан, кабыктарынан жасалган алачыктарда жашашат. Азыр А. э-дин чарбасын төмөндөгү 4 түрго бөлүшөт. 1. Тропиктик А. э-ге: Борб. Африкадагы пигмей, Шри-Ланкадагы ведда, Түш.-Чыг. Индиянын айрым майда уруулары, Малакканын семанга ж-а сенои, Суматрадагы кубу, Целебестеги тоала, Филиппин а-дарындагы аэта, Түн. Американын токойлорундагы сирионо, курунгуа сыяктуу уруулар кирет. Алар общиналык-уруучулук түзүлүштө жашап, аң уулоодо найза, жаа ж. б. куралдарды пайдаланышат. 2. Талаалардын ж-а жарым чөлдердүн А. э-не: австралиялыктар, Түш. Африкадагы бушмен, Түн. Америкадагы ботокуда уруулары кирет. Алардын чарбасы, материалдык мад-ты, коомдук түзүлүшү тропиктик аңчылардыкына окшош келет. 3. Токойлуу зонанын А. э-не: Канаданын, АКШнын түндүгүнүн токойлуу зонасындагы алгонкин, атапаск (амер. индеецтер), Сибирдин юкагир, Амур боюнда жашоочу удегей, ороч, Түндүктөгү кет, эвенк, манси, ханты уруулары кирет. Алар көчмөн ж-а жарым көчмөн жашашып, көбүнчө ит чегилген чана (нарта) ж. б. м-н конуш которуп жүрүшөт. 4. Арктикалык А. э-ге: Сибирдеги, Түн. Америкадагы чукча, коряк, эскимос уруулары кирет. Алар негизинен гарпун, союл, кээде мылтыкты пайдаланып, деңиз жаныбарларына ууга чыгышат.

АҢЧЫЛЫК — эт, май, тери ж. б. алуу максатында ар түрдүү куралдардын жардамы м-н кайберен, илбээсин уулоо. Адам баласы жаралгандан эле тиричиликтин негизги булагы А. болгон. Тарыхта А. ар бир элдин тиричилигинде ар түрдүү мааниге ээ болгон. А. эл жашаган жерге, токой чөбүнө, жан-жаныбарларына карата өзүнчөлөн. Кыргыздар башка түрк уруулары сыяктуу эле 6—8-к-да мал чарбасы м-н бирге А-ты кесип кылган. Элибиз айрым азык-түлүктү Атан алган. Аң уулоо элдик медицинанын дарыларын өндүрүүдө материалдык-маданий керектөөсүнүн туректуу булагы катары кеңири таралган. Жергебизде айбанат м-н илбээсиндин көптүгү ж-а ар түрдүүлүгү, жер шартынын аларга оңтойлуу болушу А. кенин аларга оңтойлуу болушу А. кенин аларга оңтойлуу болушу А. кенин

жылы болжол м-н 120 млн-го жакын баалуу тери, 30 млн. даана илбээсин, 2 миң *т* га чейин эт, мүйүз ж. б. баалуу сырьёлорду берет. Булар өлкөнү булгаары, фармацевттик ө. ж. продукциялары м-н камсыз кылат. СССРдин аңчылык жайларының 0,8% Кыргыз ССРинде. Аларда айбанаттар м-н илбээсиндерге аңчылык уюштурулат. Респ-канын А. ч-нан алынган баалуу терилер союздун жалпы балансасының 1%тен ашыгын, суурдун 40—50%, сары чычкандын 20—25%, түлкүнүн 1,5%, ондатранын 1% түзөт. Жергебизде куну айбанаттарды капаста өстүрүү ийгиликтүү жүргүзүлүп жатат.

АҢЫЗ — эгинди орулуп-жыйналып алынган жер. А-да чабылган эгиндин маясы, отоо чөп ж-а ар кандай өсүмдүктөрдүн уругу калып, дыйканчылыкка чоң зыян келтириши мүмкүн. Ошондуктан келерки жылдын мол түшүмү үчүн эгинди оруп-жыйнын алары м-н, А-ды сугарып, артынан айдап таштайт.

АҢЫР (Casarca ferruginea) — каз сымалдар түркүмүндөгү өрдөк. Түсү кызгылт, башы агыш, тумшугу кара, мойнунда кара алкакчасы бар. Чоңдугу кайырма өрдөктөй бар, салм. 2 *кг* га жакын. Европа м-н Азия материгинин түш. жарымында кеңири таралган. Африкада, Иранда, Индияда, о. эле О. Азиянын түш. жактарында кыштамат. Жайында Кыргыздын Соң-Көл, Чатыр-Көлүндө эң көп. Ак-Сай, Арпа, Сары-Жаз, Кара-Кужур, Алай, Түркстан тоолоруна биринден учуп келип, суурлардын эски ийиндерине, аска-таштардын, жарлардын конулдарына уялап, жумурткаларын басып чыгарат. Суу жээгинде өскөн ар кандай өлөң чөптөрдү, балырларды, жалбырактарды, кээ бирде (айрыкча балапандары) курт-кумурскаларды терип жейт. Июль айында түлөп, канат чалгындары түшүп, уча албай калат. 3,5—4 жумадан кийин жаңы чалгындары жетилип, сент. айында балапандары м-н топтошуп кыштоочу жылуу мекенине кайтышат.

АҢЫРАКАЙ — Кант р-нундагы Люксембург сельсоветине караштуу кыштак. Каз-ндын аймагында. Р-ндун борбору Канттан 190 *км* түн.-бат. тарапта, Отар т. ж. станциясынан 70 *км*. Калкы 1700 (1974). Машина мал чарба станциясы (МЖС), орто мектеп, интернат, мейманкана, оорукана, клуб, медпункт бар.

АОМЫНЬ (португ. Макаб) — Кытайдын түш.-чыг. тарабындагы аймак. Ага Аомынь ж. а., Тайпа ж-а Чжуцзян д-нын куймасындагы (Түн. Кытай деңизинде) Колоане а. кирет. Португалияга караштуу. Аянты 16 *км*². Калкы 275 миң (1970), негизинен кытайлар. Башкы шаары — Аомынь (Макао). Капит. өлкөлөрдүн алтын ж-а аппийм соодалоочу ири рынокторунун бири. Сыртка балык, күрүч, жибек, тамеки, чай ж. б. чыгарат. Ширецке, азык-түлүк товарларын, кустардык буюмдарды чыгаруучу ө. ж-дын майда тармактары бар.

АОРСТОР (гр. Aórsoi) — сармат уруулардын союзу (к. *Сарматтар*). А. ж-де Страбон, Птолемей, Плиний ж-а Тацциттин эмгектеринде маалыматтар бар. А. алгачкы кезде Арал жө Каспий деңиздеринин түндүгүндө жашаган. Б. з. ч. 2-к-да Каспий деңизи м-н Дондун түн. жээгиндеги талааларды өзөлөшө, андан Кавказга чейин барышкан. А. жоокер, мал багып оокат кылган көчмөн уруулар, көчмөн малчылар болуп, Закавказьенин, Боспор мамлекетинин ж-а О. Азиянын өлдери м-н соода жүргүзгөн. Б. з. 2-к-ында алардан башкарган Сармат уруулардын союзунун составына кирген. Оренбург талаалары м-н төмөнкү Поволжьедеги б. з. ч. 4—2-кдагы көрүстөндөр А-го таандык делип жүрөт.

АПА, к. *Эне*.

АПАРТХЕЙД, апартеид [бур (африкаанс) тилинде — бөлөк туруу] — Түш. Африка Респ-касындагы расалык сегрегация принциби, жерге. бантуларын ж. б. европ. эмес этникалык топторду чеңемсиз кемсинтип, кодулоо саясаты негиз кылып алынган. А. офиц. түрдө мамл. саясат катары 1948-ж. киргизилген. Африкалыктар үчүн атайын резерваттар (1959-ж. «бантустан» деген наамга көчүрүлгөн) бөлүнүп коюлган. Мындай аймактар өлкөнүн терр-ясынын 12%ин түзөт. Европ. эмес өлдер бардык укуктан ажыратылган. А-ди бузуучулар сот жообуна тартылат. А. саясаты дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдө каршылык туудурат, ООНдун ген. ассамблеясынын сессияларынын чечимдеринде ж-а рез-яларында бир нече жолу ашкереленген.

АПАТИТ (гр. *apáte* — алдаймын) — кальцийдин фосфор-кычкыл туз тобундагы минерал. Хим. формуласы $Ca_5(F, Cl)[PO_4]_3$. *Гексагон системасында* кристалдданат. А. көгүш, жашыл, кызыл ж. б. түстөрдө болот. Айнектей жалтырап, майланышкансып турат. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5. Азот, туз, күкүрт к-таларында эрийт. Составына жараша фторапатит, хлорапатит ж. б-га бөлүнөт. Фторапатитте 42,3%, хлорапатитте 41,1% фосфор ангидриди (P_2O_5) болот. А. негизинен магмалык (нефелиндүү сиенит, гранит, пегматит), ар кандай метаморфизм ж-а фосфориттүү чөкмө тоо тектердин составында, карбонатиттерде, кээ бир темир рудаларында кезигет. Фосфор жер семирткичтери негизинен А-тен, фосфориттен алынат. Металлургияда, керамикада, тунук эмес айнектерди даярдоодо да кеңири колдонулат. А-тин ири кендери Кольск ж. а-нан (Хибин) табылган. Кырг-нда Кызыл-Омпол, Сандык тоолорундагы сиениттердин составында бар, бирок азырынча казылып алынбайт. Чет өлкөлөрдө Швецияда (Кирунавара), Алжирде ж-а Мароккодо белгилүү.

АПАТИЯ (гр. apátheia — кайдигерлик) — 1) сөздүн түз мааниси́нде — адамдын айлана-чөйрөгө көңүл коо мамиле кылуу абалы. 2) Медицинада — турмуштагы окуялардан четтеп, ага көңүл тартпаганын ж-а эмоциялык сергектигинин начарлашын көрсөтүүчү оорулуу абал. А. кээ бир психикалык ж-а нерв оорулардын белгиси болуп саналат. 3) Античный философияда — адам жанынан ар кандай ышкыбоздукту толук ажыратуу керек деген *стоицизм* этикасынын негизги түшүнүктөрүнүн бири.

АПАТОЗАВР (Apatosaurus), бронтозавр — юра мезгилинде жашаган кескелдирик сымал динозаврлар тукумундагы түкүм курут болгон сойлоочу жаныбарлар уруусу. А. өтө зор (20 *м* ге чейин жеткен), башы кичине, мойну, куйругу узун жаныбар болгон. Сууда жашап, өсүмдүктөр м-н азыктанган. А-дын калдыктары Түн. Америкадан ж-а ага окшош динозаврдын скелети Фергана өрөөнүнөн табылган (1967).

АПЕКС (лат. apex — жогорку) — Жердин же Күндүн (Күн системасының) орбита б-ча болгон кыймылынын багытын көрсөтө турган асман сферасындагы чекит. Жер Күндү айланганда, анын апекси экліптика тегиздиги б-ча жылат. Күн системасының ага жакын жаткан жылдызга карата болгон жылдык кыймылынын апекси Геркулес топ жылдызында жайланышкан. Жердин жасалма спутнигинин орбитасынын Жердин экватор тегиздигинен түн. жагындагы алыскы чекити А. деп аталат.

АПЕЛЬСИН (Citrus sinensis) — цитрус тукумундагы дайыма көгөрүп турүчу мөмө дарагы. Бийик. 4—12 *м*. Мөмөсү таттуу же кычкыл, ширеңүү. Составында 12%ке жакын кант, 0,6—2% лимон, 50—65 *мг* аскорбин к-талары, В, Р витаминдери, кальций, калий, фосфор туздары бар. А. 75 жыл



га чейин өсүп, ыңгайлуу шартта гектарынан 20—25 *т* түшүм берет. Ал Бирманын чыг. бөлүгү м-н Кытайдын түш.-батышында өсөт, кийин тропиктик ж-а субтропиктик өлкөлөрдө да өстүрүлүп, кеңири таралды. СССРде Кавказда, Крымдын Кара деңиз жээгинде Гамлин, Первенец, Вашингтон, Королек 100 ж. б. сорттору райондоштурулган.

АПЕНДИ — айлакер, акылман, куудул, чынчыл, адилет адамдын элдик идеалын элестеткен фольклордук каарман. А. Кожо Насреддин, Кожо Насыр Молдо, Насреддин Афанди деген аттар м-н түрк элдеринде кеңири тараган. Анын жүрүм-турумунда, кулк-мүнөзүндө эч кандай жасалмалык жок. Апенди ж-де айтылган окуянын көпчүлүгү кыргыздарга ооозеки түрүндө тараса, айрымдары басылып чыккан китептер аркылуу белгилүү болгон. А-нин окуялары жандуулугу, элдин көз карашына төп келгендиги, хан, бек, кожо, молдо, соодагер, казы, байларды шылдындап, карапайым адамдардын мүдөөсүн көздөгөндүгү кыргыз элинин турмушуна сиңип кеткен. А-ни эл өзгөчө урматтап, жаңы окуялар м-н толуктаган. Эл арасында айтылган ар кандай күлкүлүү окуяларды, өткүр сөздөрдү А-нин ысымына ылгара бергендиктен, А. ж-дөгү анекдоттордун казынасы улам байый берген.

Аб.: Кыргыз эл жомоктору, Фр., 1972; Анекдоты моллы Насреддина, Баку, 1962; Каракалпак халк легендалары хам анекдотлары, Нукус-Самаркан, 1962; Анекдоты о Ходже Насреддине, пзд. 2, М., 1957.

АПЕННИН ЖАРЫМ АРАЛЫ — Жер Ортолук деңизиндеги жарым арал. Андан Италиянын көпчүлүк бөлүгү орун алган. Аянты 149 миң *км*². Уз. 1100 *км*, туурасы 130—300 *км*. Түндүгүнөн Падан ойдуңу м-н чектешип, батышында Тиррен, чыгышында Адрия, түндүгүндө Иония деңиздери чулгап жатат. Жарым аралдын көп бөлүгүн орто бийиктиктеги тоолор (Апеннин), адырлар ж-а жанар тоо платолору ээлеп жатат, к. *Италия*.

АПЕННИН МАДАНИЯТЫ — Италияда коло доорундагы археол. мад-т (б. з. ч. 2 миңинчи ж. чамасы). Пертоза, Цакито, Фельчи табигый үңкүрлөрүнөн (Капри а.) табылган буюмдардан улам белгилүү. Үңкүрдү мекендешкен уруулар мал чарбачылыгы м-н оокат кылышкан ж-а куралдарды сөөктөн, мүйүздөн, таштан жасашкан. Коло буюмдар сейрек учурайт. Ап. м-нын ар жердеги чопо буюмдары бири биринен формасы ж-а оймо-чиймеси жагынан айырмалуу келет.

АПЕННИН ТООЛОРУ — Италиядагы Апеннин ж. а-дагы тоо тизмеги. Түн.-батышынан Альпы тоолору м-н кошулуп, түш.-чыгышка карай Мессина кысыгына чейинки (Калабари тоосу м-н) 1200 *км* аралыкты ээлейт. Жарыш жаткан бийик эмес кырка тоолордон ж-а дөңсөлүү тоо этектеринен турат. Эң бийик жери — Корно чокусу (2914 *м*). Альпы орогенезинин мезгилинде пайда болгон. Акыркы кездеги тектон. кыймылдар күчтүү жер титиреөлөрдү пайда кылат. Негизинен флиш ж-а аки таш тоо тектеринен турат. Пайдалуу кендери: курулуш материалдары, сыман, күрөң көмүр, лигнит, битуминоз, сланец, боксит, жаратылыш газы ж-а нефть. Климаты жер ортолук деңиздик, январдын орт. темп-расы 0°С (түндүгүндө), 11°С (түштүгүндө), июлдуку 24—28°С. Тоонун бат. канталдарында жылдык жаан-чачын 3000 *мм* ден ашык, туюк өрөөндөрдө 600—800 *мм*. А. т-нан Тибр, Арно, Селе, Вольтурно ж. б. суулар башталат. Тоого ландшафттын бийиктик алкагы мүнөздүү. Төмөнкү алкагында зайтун жыгачтары, жүзүм, андан жогору (түндүгүндө 500—600 *м*, түштүгүндө 700—800 *м* ге чейин) дайыма көгөрүп туруучу өсүмдүктөр (көбүнчө эмен), 1000—1200 *м* бийиктикте каштан, бук ж-а ийне жалбырактуу токойлор, 2000—2500 *м* ден жогору субальпы ж-а альпы өсүмдүктөрү өсөт.

АПЕРТУРА (лат. apertura — көзөнөк) — линза же диафрагманын өлчөмү м-н аныкталуучу оптикалык системанын жарык өткүчүү өзгөрүлмө көзөнөгү. Оптикалык системага кирүүчү жарык конусунун четки нурларынын ортосундагы α бурчу бурчтук А. деп аталат. Сандык апертура $nSin\alpha/_2$ ге барабар; n — перее жаткан чөйрөнүн сынуу көрсөткүчү. Сүрөттөлүштүн жарыктанышы сандык А-ның квадратына, прибордун чечүү жөндөмдүүлүгү А-га пропорциялаш. Сандык апертура n ге пропорциялаш болгондуктан, аны чоңойтуу үчүн изилденүүчү персепи сынуу көрсөткүчү чоң болгон суюктуктун (кедр майы) ичине жайлаштырышат.

АПИА — Тынч океандагы Бат. Самоа Респ-касынын борбору. Уполу а-ның (Самоа а-ның эң чоңу) түн. жээгинде, тышкы соода порту. Калкы 30,6 миң (1971). А. аркылуу чет мамлекетке банан, какао чыгарылат. Тынч океанды кесип өткөн маанилүү деңиз жолдор тоому. Эл аралык маанидеги аэропорт бар.

АППИЙМ (Papaver) — аппийм тукумундагы уругунан көбөйчү бир жө көп жылдык өсүмдүк. Тамыры өзөктөп, терең кетет. Өңү жашыл, сыртынан бозомук тартып турат, сабагы тик өсүп, 1ден 20га чейин богок байлайт, богогу төмөн ийилип, жалгыздан гүл ачат, гүлүнүн өңү ар түрдүү, жалбырагы калың чыгып, кайчылаш жайгашат; уругу эң майда, 48—50% май болот. А-дин дүйнөдө 100дөн, СССРде 30дан ашык түрү белгилүү. Пайдаланылышына жараша А-дин бардык сорту эки топко — май ж-а дары-дармек аппиймине бөлүнөт. А. ж-де адабий маалымат мындан 2,5 миң жыл мурда эле маалым болгон. А. өсүмдүгү К. Азияда пайда болуп, Персия, Индия, Кытай ж. б. өлкөлөргө тарайт. А. бизде адегенде Кытайга чектеш жерлерде — Жети-Сууда (Кырг-нда, Каз-нда өткөн кылымдын 70-жылдарында) өзгөчө баштайт. Дары-дармек А. көбүнчө тоо этектерине айдалат, анткени ал жердин климаты м-н топурагы аның биол. өзгөчөлүктөрүнө ылайык келет. А. сырьёсу өсүмдүктүн жетик башын тилип, сүтүн чыгаруу ж-а аны кырып алуу аркылуу жыйналып алынат. Бул үчүн атайын тилгич ж-а кыргыч колдонулат. Май А. СССРде (Украина, Поволжье, Татар ж-а Башкырт АССРлеринде), Бат. Европада айдалат. Анын уругунан май чыгарылып, ал тамак-ашка ж-а тех. максатка пайдаланылат. А-дин кээ бир түрлөрү кооздук үчүн өстүрүлөт.

АПЛАЗИЯ (а... ж-а plásis — пайда болуу), агенезия — дененин кандайдыр бир бөлүгүнүн же айрым мүчөсүнүн тубаса жоктугу. А. тукумдун жатында өнүгүү мезгилинде түрдүү себептерден (бузулушунан) пайда болот. Түгөйлүү органдардын (бир бөйрөктүн) А-сы байкалбай калышы ыктымал. Ал эми түгөйсүз органдардын (мээнин) А-сы олуттуу бузулууларга кээде тукумдун жашоого жарамсыздыгына алып келет.

АПЛИКАТА (лат. applicata — тыгыз жатуучу) — тик бурчтуу координата системасына карата мейкиндиктеги чекиттин абалын мүнөздөөчү үч сандын биринин геом. аты, к. *Декарт координаталар системасы*.

АПЛИТ (гр. haplóos — жөнөкөй) — тарамдар түрүндө кезигүүчү, ачык түстүү магмалык тоо тек. А. гранит м-н текстеп, көбүнчө талаа шпатынан (65%) ж-а кварцтан (30%) турат, слюда, күңүрт түс минералдар составында эң аз болот. Акцессор минералдарынан гранат, циркон, турмалин, апатит, ортит кездешет. Структурасы — өтө майда бүртүкчөлүү. А-тин айрым түрлөрү керамика өндүрүшүндө керектелет.

АПН, к. *«Жаңылык» басма сөз агентствосу*.

АПО... (гр арб — дан) — татаал сөздүн бир нерсени танууну, жоготууну (мис., *апостроф*); нерсенин эмнеден чыккандыгын (мис., *апофиз*) билдирген болгуч.

АПОГЕЙ (гр. apógeios — жерден алыс турган) — Айдын же Жердин жасалма спутниктеринин орбиталарынын Жердин борборунан эң алыскы чекити. Астрономияда «А.» деген термин Жерди туюк орбита б-ча айлануучу асман телолоруна гана тиешелүү. Ай орбитасынын Жерге жакын ж-а андан алыскы чекиттерин бириктирүүчү сызык Ай орбитасынын апсид сызыгы деп аталат.

АПОЛЛИНЕР Гийом [чын аты-жөнү — Гийом Аполлинарий Костровицкий (1880—1918)] — француз акыны. Польшалык жакырланган аристократтын үй-бүлөсүндө туулган. «Бестиарий же Орфейдин шаан-шөкөтү» (1911) ырлар циклин, «Алкоголь. 1898—1913» жыйнагын, «Ереснарх жана К°» новеллалар жыйнагын (1910) ж-а «Сантэ түрмөсүндө» (1911) аттуу ырлар циклин жазган. «Өмүрдү сүйүүгө арнайлы» (1917) деген ырлары А-ди 20-к-дагы көрүнүктүү акындардын катарына койгон. «Жаңы маамун жана акындар» деген сөзүндө (1917, 26-ноябрь) жаңы реализмге үндөгөн. А. 1-дүйн. согуш болордо «революция-

ның жакындап» калганын алдын ала сезген. Согушту жек көргөн ырлар жазган. 1918-ж. жарыяланган «Каллиграммидар. Тыңчтык жана Согуш ырларында» согуштун кайгылуу хроникасын тарткан. Өзү жашаган доорду айыптаган акыркы пикири «Мээгил боёктору» (1918) китебинде берилген.

Чыг.: Стихи, пер. М. П. Кудинова. Статья и прим. Н. И. Балашова, М., 1967.

«АПОЛЛОН» — космонавттардын Айга учушуна арналган АКШнын космос кемеси. Космостук эки кеме бири бирине туташтырылып (жалпы салм. 44 *т* га жакын), «Сатурн-5» ракетасы м-н Айдын орбитасына чыгарылат. А. 1967-ж-дын аягында учурула баштаган. Орбиталык космос кемесинде үч космонавт болот. Айдын орбитасына жеткенде, экөө Ай кабинасына өтүшүп, аны м-н Айга конушат да, тапшырмалар аткарылгандан кийин, ошол кабина м-н кайра учуп чыгышат. Ай кабинасы орбитада калган орбиталык кеме м-н кайрадан бириктирилет да, Жерди көздөй учуп жөнөйт. «А.-11» космос кемеси 1969-ж. 16—24-июлда Айдын бетине 1-жолу экипажы м-н конгон, к. *Космосто учуучу аппарат.*

АПОЛЛОН (Parnassius apollo) — парусниктер тукумдагы күндүзгү көпөлөк. Канаттары ак, коюз, кара кызыл тагы бар, жайганда 9 *см* ге жетет. Европанын тоолорунда, Кавказда ж-а Түш. Сибирде, Кыргызстандын тоолуу р-ндорунда кездешет. А. июнь, июль айларында учат, гусеницалары өсүмдүктөрдө жашайт, к. *Көпөлөктөр.*

АПОЛОГ (гр. apólogos — аңгеме) — айбандардын турмушунан алынган үгүт-насыят түрүндөгү аллегориялык кыска аңгемелер. А. байыркы грек ж-а Чыгыш элдеринин ад-тында да кезигет. Ал тамсил жанрынын өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Орус поэзиясында 18-к-дын орто ченинде 19-к-дын башында учурайт. А-дун тамсилден айырмасы — көлөм жагынан өтө кичине болгондугунда. Кыргыздын элдик оозеки ад-тындагы правалык мүнөзгө ээ болгон, каймана маанидеги, айбандар ж-дөгү, кара сөз түрүндөгү жомок-аңгемелердин мазмуну А-го жакын.

АПОМИКСИС (*апо...* ж-а гр. mixis — аралашуу) — өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жыныссыз көбөйүшү. А-тин партеногенез жө апозиготия, апогамия жө апогаметия, апоспория ж-а адвентивдик эмбриония деген түрлөрү белгилүү. Түйүлдүк уруктанбаган энелик клеткадан өнүгүшү партеногез деп аталат. Бул өсүмдүктөрдүн, курттардын, курт-кумурскалардын, балыктардын көбөйүшүндө учурайт; апогамияда түйүлдүк анын кабынын энелик клеткасынан эмес, синергидден, антиподдон (жабык уруктуу өсүмдүктөрдө) жө гаметофиттин дене клеткаларынан (папоротниктерде) пайда болот. Апоспорияда гаметофит демейдегидей спорадан өсүп чыкпастан, спорофиттин вегетативдик клеткаларынан (мохтордо, папоротниктерде), түйүлдүк урук бүчүрдүн дене клеткаларынан (жабык уруктуу-ларда) калыптанат. Адвентивдик эмбрионияда түйүлдүк урук-бүчүрдүн сомалык клеткаларынан өөрчүйт. Мында апоспориядагыдай түйүлдүк кабы калыптанбайт. Түйүлдүк ж-а эндосперм уруктанбай пайда болсо — автономдук А., түйүлдүк уруктанбаган энелик клеткасынан өөрчүп, ал эми түйүлдүк кабы уруктанын эндоспермди пайда кылса — менторлонгон А., эксперименттик жол м-н пайда болсо, индукцияланган А. деп аталат. А. өзгөчө *татаал түзүлүштүү* өсүмдүктөрдө кеңири таралган. А-түү түрлөр чоң ареалдарды ээлейт. А. селекция ишинде колдонулат, анткени А-тин натыйжасында алынган тукумдар жыныстык тукумдарга караганда константтуу келет.

АПОМОРФИЯ — морфинден алынуучу кустура ж-а какырык чыгара турган таасири бар алкалоиддер тобундагы дары. А-дин суудагы эритмеси уукан адамдын аш казанынан уулуу затты чыгаруу ж-а алкоголизмден дарылоо үчүн колдонулат.

АПОПЛЕКСИЯ (гр. apoplexia) — мээге кан көп куюлганда, капыстан акыл-эсин жоготуу. А-да оорулуу акыл-эсин жоготуу м-н бирге бети албырып, дем алуусу кыйындайт; тамыры чыцалат, карегинин жарыкка болгон реакциясы жоголот. Заарасы м-н заңынын кеткенин билбейт, кээде тарамышы тырышып, титиреп-калтырайт, мындай абал бир нече сааттан 2—3 суткага чейин созулат, айрым учурларда өлүм м-н аяктайт. Мээге кан, куюлганда, оорулуунун оозу кыйшайып, оң же сол ыптасы шал болуп калат. А. *атеросклероз, гипертония* оорусу, *артериит* сыяктуу кан тамыр ооруларынан, мээ козголгондо, төрөт убагында бала тумчукканда ж-а лейкоз ооруларынан байкалат. А. көбүнчө кан тамырды кыймылга келтирүүчү нервдердин бузулушунан ж-а кан тамырларынын үзүлүшүнөн пайда болушу мүмкүн, к. *Инсульт.*

АПОРИЯ (гр. aporia—аргасыз абал) — байыркы грек философиясында кыйын жө чечилбес маселени билдирген түшүнүк. А. нерседе же ал ж-дө түшүнүктө каршылык барып аныктоодон келип чыгат. 1-жолу А-га Платон филос. маани берген. Ал А-ны чечилиши кыйын маселелерди тактоодо колдонгон. А-нын так аныктамасы Аристотелге таандык. Ал карама-каршы ой корутундуларынын тепе-тендигин А. деп атаган. Зенон Элейский бул терминди колдонгон эмес. Бирок анын кыймылдын болушу мүмкүн эмес деген далилдемелерине ылайык А.— чечилбеген кыйын маселе. Предметтерди таануунун танган грек скептиктери А-ны так ушул мааниде түшүнүшкөн. А.— байыркы грек философиясында диал. тенденциялардын пайда болушунун бир түрү.

АПОРТ — алманын кеч бышчу эң байыркы сорту. Мөмөсү өтө чоң, салм. 200—400 *г*, айрымы 800 *г*, даамы кычкыл, таттуу. А. кышка чыдамдуу, ар бир даректан 200—400 *кг* түшүм алынат. А. как ж-а повидло жасоо үчүн керектелет. РСФСРде (Воронеж обл-да, Түн. Кавказда), Казак ССРинде, УССРде өсөт. Кырг-ндын тоо этектеринде Александр А., Кызыл А. кеңири таралган.

АПОСТЕРИОРИ (лат. a posteriori — кийинкиден) — тажрыйбадан чыккан билим. Бул априориге карама-каршы. Билим алуунун мындай жолу байыркы убакта эле Аристотелде, Платондо, ал эми о. к-да — *Ибн Рушдда, Ибн Синада, Фома Аквинскийде* ж. б. каралган. А-лик таанып-билүүнүн анализи И. *Канттын* системасында чоң орун ээлеген.

АПОСТРОФ (жазууда) — а) кээ бир чет тилдерде эчилүү аттардын жазылышында (О'Коннор); б) жазууда түшүрүп коюуга болуучу тамгалардын ордуна (мис., съезд — с'езд, объект — об'ект); в) редукцияланып таптакыр түшүп калган үндүү тыбышты транскрипциялоо үчүн колдонулуучу белги.

АПОФЕМА (гр. apotithemi — сыртка карай чеңеп коём) — туура көп бурчтуктун борборунан анын каалаган жагына жүргүзүлгөн перпендикулярдын узундугу же туура пирамиданын каптал граныпын бийиктиги.

АПОФЕРМЕНТ, апоэнзим — ферменттин коллоиддик белок бөлүгү; ферменттин тигил же бул өзүнө тиешелүү таасири ошол коллоиддик белок бөлүккө көз каранды. А. кофермент бөлүгүнө караганда темп-раныя таасирине туруштук бере албайт, к. *Ферменттер.*

АПОФИЗА (гр. apóphysis — бутак) — жанаша жаткан тоо тектердин арасына магмалык тулкудан (тело) бутакча болуп тараган ичке тарамдар. Магмалык тулку м-н А-нын байланышы түздөн-түз байкалып, составы б-ча ага тектеш келет, бирок ал майда кристаллдуу жө порфирлүү структуралык түзүлүштөрү м-н айырмаланат. Негизги руда тарамдарынан тараган майда тарамчалар да кээде А. деп аталат.

АППАЛАЧ ТООЛОРУ — Түн. Американын чыгышындагы тоо тизмеги. АКШ м-н Канаданын аймактарында, түш.-батыштан түн.-чыгышка карай созулуп жатат. Туурасы 300—500 *км*, уз. 2600 *км*. Орт. бийикт. 1300—1600 *м* (бийиги Митчелл тоосу, 2037 *м*). А. т-нун түш.-чыгышы м-н түн. болгуу палеозойдун башында катмарланган кристалл тоо тектерден (гнейс, кристаллдуу сланец, кварцит), түш.-бат. болгуу палеозойдун аягында пайда болгон чөкмө тоо тектерден (акиташ таш теги, кумдук, чополуу сланец) түзүлгөн. Анда таш көмүр, күйүүчү газ, нефть, жез, күмүш, кобальт ж. б. кендер бар. Климаты түндүгүндө мелүүн, түштүгүндө субтропиктик. Япония Кошмо Штаттары (АКШ) макаласына.



1. Юта штаты. Брокен тоосу (сынган кылыч). 2. Аляска. Эскимостордун поселкасы. 3. Аризон штаты. Гигант кактус. 4. Питтурак жай. 5. Нью-Йорк. Бродвей. 6. Чикаго ш-нын борб. бөлүгү. 7. Нью-Йорктогу Гарлемдин негр калкы ушундай жашайт. 8. Нью-Йорк. Гарлемдеги сбург. Болот эритүүчү завод.



1



2



3



4



5



6



7



8

Америка Кошмо Штаттары (АКШ) макаласына. 1. Монтючелли. Джефферсондун усадьбасы. 2. Шаркыратманын үстүндөгү вилла. 3. Дж. Девидсон. А. Эйнштейндин портрети. 4. Мис Ванденройе. Нью-Йорк. Манхеттен. 5. Р. Кент. «Чоку». 6. А. Эйлинин труппасы. 7. Т. Салли. «Тытылган калпак». 8. Дж. Беллоуз. «Шаркинин матчы».



1



2



3



4



5



6



7



8



9

Аргентина макаласына. 1. Аргентинанын түндүк-батыш бөлүгүндөгү жарым чөлдүү ландшафт. 2. Менданос провинциясы. Анд тоосунун этегиндеги кактустар. 3. Буэнос-Айрес. Мар-дель-Плата көчөсүндө. 4. Тоодогу элдүү пункт. 5. Сельви чабендеси. 6. Буэнос-Айрес. Улуттук конгресстин үйү. 7. Буэнос-Айрестин негизделиши. 8. Мар-дель-Плата курорту. 9. А. Виго. «Фабрикаңы басып алуу». 1936. 10. Х. К. Кастаньино, «Гаучо». 1962.



10


1


2


3


4


5


6


7


8


9

Армян ССР макаласына. 1. Севан көлүндөгү чиркөө. 2. Ереван. Ленин аянты. 3. Арарат тоосунун көрүнүшү. 4. Сумгаит ш. Электрофосфат з-ду. 5. Винилацетат цехинин көрүнүшү. 6. Жүзүм жыйноо. 7. Жайлоодогу отор. 8. Ленин атн. Армэлектрозаводу. 9. Бюракандагы радиотелескоп.


1


2


3


4


5


6


7


8


9

Армян ССР макаласына. 1. Гегам кырка тоолорунун алдындагы көпүрө. 2. Орто кылымдагы армян архитектурасы. Гегард монастыры. 4—12-к. 3. Арзни курорту. 4. Ереван. «Ачи» мейманканасы. 5. Е. С Кочар. Ереванда «Давид Сасунский» монументи. 6. Горки храмы реставрацияланууда. 7. Орто кылымдагы армян архитектурасы. 4—12-к. 8. Байыркы Армениянын гербдери. 9. А. А. Спендиаров атн. опера ж-а балет театры.



1



2



3



4



5



6



7



8

Архитектура макаласына. 1. Гизедеги пирамидалар. 2. Рим. Пантеон. 3. Афины. Акрополь. 4. Самаркан. Шах-Зинда мавзолейи. 5. Каирдеги Аль-Азхар мечити. 6. Аградагы Таж-Махал мавзолейи (17-к.). 7. Париж. Нотр-Дам собору. 8. Нерли д-ндагы Покров чиркөөсү. 9. Москванын жанындагы Коломенск с-ндагы Вознесения чиркөөсү. 10. Москва. Василий Блаженный собору. 11. Киев. София собору. 1037. 12. Монферран. Исакиев собору. Ленинград. 1818—1858.



9



10



11



12



1



2



3



4



5



6



7



8



9

Архитектура макаласына. 1. Чикаго. Үч бурчтуу имарат. 2. Нью-Йорк. Кеннеди аэропорту. Аэровокзал имараты. 3. Н. И. Рипинский, Л. Л. Ухобатов ж. б. Алматы. Ленин атн. дворец. 4. М. В. Посохин, А. А. Мдоянц, В. А. Свирский. Москва. СЭВдин үйү. 5. Москва. Калинин проспекти. 6. Касабланка. Имарат. 7. Ташкен. Ленин атн. Бүткүл союздук музейдин филиалы. 8. В. В. Лыженко, А. М. Недурин. Фрунзе. Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктер көргөзмөсүнүн башкы павильону. 1974. 9. П. Кутателадзе; К. Сарбанов, Р. Москов. Фрунзе. «Кыргызжолтрансдолбоор» ин-тунун имараты. 1973.



1



2



3



4



5



6



7



8

Ат жабдыктары макаласына. 1. Ээр токум. 2. Токум жасалгалары. 3. Жүгөн. 4. Куюшкан. 5. Үзөңгү. 6. Камчы. 7. Басмайыл. 8. Токулгалуу ат.

вардын орт. темп-расы — 12°С, түштүгүндө — 8°С, июлда 18°С, 26°С; жаанчачындын жылдык орт. өлчөмү 1000—1300 *мм*. Гидроэнергиянын запасына бай, при дарыялары: Гудзон, Коннектикут, Мохок. Түн. жагы тоо кыртыштуу, күл топурактуу, түштүгү токойлуу, күрөң топурактуу, тоо этектери кызыл топурактуу келет. А. т-нун түндүгүндө ийне жалбырактуу ж-а аралаш, түштүгүндө (1000 *м* бийиктикке чейин) жазы жалбырактуу токойлор өсөт. 1000 *м* ден жог. бөлүгүн аралаш ж-а ийне жалбырактуу токойлор, андан өйдөкү тилкесин субальпы өсүмдүктөрү (рододендрон, ольха) эзлеп жатат. А. т-да көп сандаган эндемиктер (виргиндик бугу, виргиндик опоссум, жарганаттар) бар, о. эле дарак чүткөрү, барибал аюусу, сүлөөсүн, жанат, скунс, кундуз ж. б. да кезигет.

АППЕНДИЦИ́Т, сокур ичеги — мөөндүн туюк учунун өскөн жеринин микробдордун таасиринен сезгениши. Микробдор сокур ичегиге энтероген (ичеги), гематоген (кан) ж-а лимфоген (без суюктугу) аркылуу кирет. А-тин ичинде ичеги кырындысы, азык заттары, ар кандай микробдор, айрым «зац таштары» ж. б. түрдүү нерселер болушу мүмкүн. А. катуу кармаган ж-а өнөкөт болуп бөлүнөт. Катуу кармаган А-те катаралдуу, гангреноздуу, перфоративдүү, инфильтративдүү сезгенүүлөр болот. Мөөндүн, киндик туштун, өзгөчө оң капталдын катуу сайгылашып оорушу А-тин биринчи белгилери болуп саналат. Оору катуулаганда, оорулуунун өңү бузулуп, көңүлү айнып кусат, тамырынын кагышы ылдамдайт, темп-расы жогорулайт. Мөөндү басканда, оорунун күчөгөндүгү ж-а эттин тартылышы байкалат. Канда лейкоциттер көбөйөт. Оору адамга биринчи жардам — тынч жаткырып, врач чакыруу. Ооруну басандатуучу же ич алдыруучу дары берүүгө ж-а ысык нерсе басууга болбойт. Тезинен операция жасоо керек. Операция кечиккен убакта оорулуунун жалпы абалы начарлап, карын майынын сезгениши ж-а перитониттин башталышы байкалат. Катуу кармаган А-тин белгилеринин азайып, оорулуунун жалпы абалынын жакшырышы бул оорунун өнөкөт түрүнө өткөндүгү болот. А-тин бул түрүн да операция жасоо м-н айыктырат.

АППЕРЦЕ́ПЦИЯ (лат. adperceptio — кабылдоо) — адамдын психикасындагы түпкү касиеттердин бири. Дүйнөдөгү нерселерди, кубулуштарды кабылдап ж-а аңдап түшүнүү бир бүтүн психикалык тиричиликтин жалпы мазмуну, жеке кишинин билим деңгээлинин өзгөчөлүктөрү м-н шартталат. А-да али өздөштүрүлбөгөн, баамдалбаган сезимдик толгонуулардан (сезүүдөн, элестөөдөн) баамдап түшүнүүгө, рационалдуу ойлонууга (кабылдоого, түшүнүүгө, ойлоого) өтүлөт. Азыркы психологияда ар бир адамдын (же бир эле адам ар кандай мезгилдерде) бир нерсени ар түрдүүчө кабыл алышы же, тескерисинче, ар түрдүү нерсени бир нерсе деп кабыл алышы А. деп аталат. Бул процессте нерсенин турпаты түздөн-түз эле көчүрүү жолу м-н кабыл алынбайт, ал адамдын билим деңгээлине ж-а запасына, сенсомотордук ж-а категориялык схемаларына байланыштуу болот.

АППЛИКА́ЦИЯ (лат. applicatio — коюу) — кооз оюу-чийүүнү бир нерсенин бетине түшүрүүнүн ыгы; кагаздан, чүпүрөктөн д. у. с. нерселерден кесип же желимдеп, кандайдыр бир нерсенин сөлөкөтүн түшүрүү жолу. А. илгери кийимдерди ж. б. буюмдарды кооздош үчүн да колдонулуп келген, көп элдерде азыр да кезигет (к. *Сайма*). А. көрсөтмө окуу куралдарын даярдоодо башталгыч класстарда тил, матем., сүрөт, жог. класстарда тарых, география ж. б. сабактарда пайдаланылат.

АППРОКСИМА́ЦИЯ (лат. approximo — жакындаймын) — кандайдыр бир матем. объектинин (оператор, функция ж. б.) белгилүү же салыштырмалуу жөнөкөй объектилер м-н жакындатылып туюнтулушу. А. объектинин сандык мүнөздөөчүсүн ж-а сапаттык касиеттерин изилдөөгө мүмкүндүк берет да, жөнөкөй ж-а эсептөөгө ыңгайлуу объектини изилдөөгө келтирилет. Математиканын айрым бөлүктөрү бүтүндөй А-га арналган, мис., функциянын жакындатылган маанисин эсептөө интерполяциялоодо, математиканын сандык методдорун изилдөөдө ж. б-да колдонулат. Математикада А-нын ролу улам кеңири өскөндүктөн, азыркы мезгилде математиканын эң негизги түшүнүктөрүнүн бири болуп калды.

Ад.: Гончаров В. Л., Теория интерполирования и приближения функций, М., 1954.

АПРЕ́ЛЬ КРИЗИСИ (1917) — Россиядагы Февр. бурж.-демокр. рев-ясынан кийин эмгекчилер м-н импер. буржуазиянын ортосундагы элдешпес карама-каршылыктардан келип чыккан саясий кризис. Убактылуу өкмөт согушту жеңгиче уланта берүүгө даяр экендиги ж-дө тышкы иштер министри П. Н. Милюков 18-апрелде (1-майда) союздаш державаларга жиберген нотадан улам 20-апрелде Петроградда «Милюков жоголсун!» деген ураан м-н солдаттар демонстрацияга чыгышат. 21-апрелде (4-майда) большевиктердин чакырыгы б-ча 100 миңге жакын жумушчу ж-а солдат массалык демонстрацияга катышып, бийликтин Советтерге өтүшүн талап кылат. РСДРП(б)нин Петербург комитетиндеги «солчулардын» чакан тобу «Убактылуу өкмөт жоголсун!» деген ураан таштайт. РСДРП(б) БК 22-апрелде (5-майда) В. И. Лениндин бул ураандын зыяндуулугун ашкерелеген рез-ясын кабыл алды, анткени өкмөткө каршы куралдуу көтөрүлүш чыгарууга объективдүү шарттар али жок эле. Петроград согуш округунун башкы командачысы демонстрацияны артиллерия м-н атууну буюрат. Бирок солдаттар, офицерлер ок атуудан баш тартат. Бул бурж-чыл Убактылуу өкмөттүн массада таянычы, жетишерлик аскер күчү жок экенин далилдеди. Бийликти тынчтык жолу м-н алууга Советтер үчүн мүмкүнчүлүк болсо да, андагы көпчүлүктү түзгөн меньшевиктер ж-а эсерлер буржуазия м-н келишүүчүлүк саясатын жүргүзүүгө өтүштү. Бурж-чыл Убактылуу өкмөт кыйынчылыктан кутулуу үчүн министрлер П. Н. Милюков, А. М. Гучковдорду кызматтан бошотот. 6(19)-майда 1-коалициялык өкмөт түзүлүп, ага кадеттер м-н эсерлердин өкүлдөрү да киргизилди. Өкмөт бийлигинин кризиси убактысынча жоюлду, бирок анын кайтадан чыгуу себептери кала берди, к. *Июнь кризиси (1917); Июль күндөрү (1917)*.

Ад.: Ленин В. И., Убактылуу өкмөттүн нотасы, Чыг., кырг. 1-бас., 24-т.; ошонуку, Кризистин сабактары, ошонун өзүндө; Токарев Ю. С., Апрельский кризис 1917 года, Л., 1967.

АПРЕ́ЛЬ ТЕЗИСТЕРИ — В. И. Лениндин «Пролетариаттын азыркы революциядагы милдеттери жөнүндөгү» докладынын [4 (17)-апр. 1917-ж.] тезистери. Мында большевиктер партиясына ж-а Россиянын пролетариатына бурж.-демокр. рев-ядан соц. рев-яга өтүү жолу көрсөтүлгөн. А. т. 10 пункттан турат. Тезистер «Правда» газетасынын 1917-ж. 7(20)-апрелдеги санында басылган. Февр. рев-ясынан кийинки кош бийлик шарттарында айрым парт. жетекчи кызматкерлер ревянын бир катар өтө маанилүү маселелерин ачык түшүнбөй, Убактылуу өкмөткө «кысым» көрсөтүү керек деген жаңылыш талаптарды коюшуп, бүткүл бийликти Советтерге өткөрүү милдетине көңүл бурбай, тынчтык ж-дөгү маселени бийлик ж-дө маселе м-н байланыштырбай, Россияда соц. рев-я үчүн шарттар жетиле элек деген жаңылыш позицияда турушкан. В. И. Ленин согуш ж-а тынчтык маселесине зор көңүл буруп, Убактылуу өкмөттүн тушунда да согуш импер. болуп кала берерин, бийлик пролетариаттын ж-а кедей-дыйкандардын колуна өтмөйүнчө, ал согуштан чыгуу ж-а демокр. тынчтык орнотуу мүмкүн эмес экендигин далилдеген. А. т-нде рев-яны пролет. диктатурасы толук жеңгенге чейин уланта берүү милдети коюлат. Большевиктер партиясынын бурж. Убактылуу өкмөткө карата мамилесине токтолуп, Ленин аны дароо кулатууга каршы чыгат. Ал кезде Советтердин көпчүлүгүндө меньшевиктер м-н эсерлер басымдуу болгон, ошон үчүн большевиктер партиясы Советтердин башында турган эсер-меньшевиктердин саясатын ашкерелеп, аларды массадан ажыратуу, бийликтен четтетүү, Советтердеги көпчүлүктү өз жагына тартуу милдетин койгон. В. И. Ленин парламентардык респ-каны артка чегинүү катары эсептеп, орус рев-ясы пайда кылган Со-

веттерди рев-чыл бийликтин бирдей-бир формасы деп белгилеген. А. т-нде партиянын соц. рев-яга өтүү мезгилиндеги экон. программасы баяндалган. Помещиктердин жерлерин конфискациялоо, өлкөдөгү бардык жерлерди мамлекеттештирүү, бардык банкыларды жалпы мамл. банкыга бириктирүү ж-а аларды Жумушчу депутаттарынын Советтеринин контролдон турушу, ондүрүшкө ж-а продуктуларды бөлүштүрүүгө жумушчу контролун киргизүү талабы коюлган. А. т-нде партиянын ж-а мамлекеттин 1903-жылдан кийинки тарыхый өнүгүшүн эсепке алып, В. И. Ленин парт. курулуш жагында да өтө маанилүү милдеттерди белгилеген. Ал партиялык съездди токтоосуз чакыруу, партиянын программасын жаңы шартка ылайыктап өзгөртүү зарылдыгын, с.-д. партияны Коммунисттик партия деп атоону сунуш кылды. Ленин жаңы рев-чыл 3-Коммунисттик Интернационалды түзүү ж-а социал-шовинизмге, центризмге каршы күрөштү күчөтүү милдетин койгон. 1917-ж. 6(19)-апрелде В. И. Лениндин тезистери РСДРП(б) БК Бюросунун заседаниесинде талкууланып, *РСДРП(б)нин Бүткүл россиялык 7-(Апрель) конференциясында* кабыл алынган саясий багытка негиз болду.

Ад.: Ленин В. И., Пролетариаттын азыркы революциядагы милдеттери жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 24-т.; ошонуку, Пролетариаттын биздин революциядагы милдеттери, ошондо эле; ошонуку, Тактика жөнүндөгү каттар, ошондо эле; Седьмая (Апрельская) Всероссийская конференция РСДРП(б). Протоколы, М., 1958; История Коммунистической партии Советского Союза, т. 3, М., 1967.

АПРИОРИ (лат. a priori — мурункудан) — тажрыйбадан мурунку ж-а ага көз каранды эмес билим. Идеалисттик философияда А. коомдук тажрыйбадан чыккан билимге карама-каршы келип, ал тажрыйбага чейин эле пайда болгон деп көрсөтүлөт. Мындай карама-каршылык айрыкча *Канттын* философиясына мүнөздүү. Ал туюусезүүнүн жардамы м-н алынган билимди жалган деп эсептеген. Диал. материализм түрдүү формадагы ж-а мазмундагы А-лик билимди төгүндөйт.

АПРОБАЦИЯ — мол түшүм берчү үрөндү, мөмө-жемиш көчөтүн тандап алуу үчүн өсүмдүктөрдүн сорт сапатын аныктоо. Мында биол. касиеттери ж-а морфол. белгилери б-ча тийиштүү сортко таандык өсүмдүктөрдүн саны такталып, алардын илдеттер м-н зыянкечтерге чалдыгуу, отоо чөптөр ж. б. өсүмдүктөр м-н булгануу даражасы текшерилет. А. үрөн өстүрүү эрежелерин ишке ашыруу, а. ч. өсүмдүктөрүнүн сорту бирдей үрөнүн себүү максатын көздөйт. Колхоздордо, совхоздордо ж. б. а. ч. ишканаларында үрөн ташуу ж-а сактоо убагында булганып калбас үчүн, сорттук үрөн чарба ичиндеги текшерүүдөн тышкары, мамл. контроль тарабынан А-дан өткөрүлүп, катталат. Респ-канын шартында өсүмдүктүн чарбалык ж-а биол. өзгөчөлүктөрүнө жараша А-ны эгинди оруп-жыйноо алдында, картошка м-н бедени гүлдөө мезгилинде, жашылча, бакча өсүмдүктөрү бышкан учурда агрономдор жүргүзөт. Малдын жаңы породасын бекитүүдө да А. колдонулат.

АПТАП — жай мезгилинде күн өтө ысып, үп болуп турган абал. Атмосферадагы ысыктык депрессиясынын таасиринен аба массалары бир топ убакытка чейин алмашылбай, абанын басымы төмөндөп, темп-ра жогорулап, нымдуулук башка учурларга караганда артып, жел жүрбөй калат. Бул кубулуш жайкы чилде убагында Азия, Африка, Австралия материктеринде чөлдүү, жарым чөлдүү ж-а талаа р-ндордо дайыма болот. Кырг-нда бул мезгил көбүнчө июндун аягына, июлдун башына туура келет.

АПТЕКА (гр. apotheke — сакталуучу жай) — дары-дармек ж. б. мед. товарларды даярдоочу, сактоочу ж-а берүүчү мекеме. Тарыхый маалыматтар б-ча А. байыркы доордон баштап пайда болгон. Мамлекет тарабынан жактырылган А. 8-к-да Багдадда ачылган. Россияда биринчи А. 1581-ж. иштей баштайт. Ал падыша А-сы деп аталган. 1701-ж. Петр I Москвада мепчик А-ларды уюштуруу ж-дө указ чыгарат. Улуу Окт. рев-ясынан кийин Эл Комиссарлар Совети А-ны мамлекеттештирүү ж-дө декрет (28. 12. 1918) кабыл алган. 1970-ж. 1-январда СССРде А-нын саны 20 миңден ашты. Кырг-нда 1916-ж. 3 гана А. болсо, 1973-ж. ал 240ка жеткен.

АПШЕРОН ЖАРЫМ АРАЛЫ Азерб. ССРинин Каспий деңизинин бат. жээгинен оруп алган. Уз. 60 *км*, туурасы 30 *км* ге жакын. Антропоген ж-а неоген чөкмөлөрүнөн түзүлгөн. Жериниң бети кудурлуу (бийикт. 50—165 *м*, батышында 310 *м*). А. ж. а-да нефть, газ ж-а минералдык булактар ото көп. Климаты кургак субтропиктик, топурагы боз ж-а күрөң. Сугат жерлерде жүзүмчүлүк ж-а бакчачылык өнүккөн. А. ж. а.— Азерб. ССРиндеги калк көп отурукташкан райондордун бири. Апшеронду Баку, *Сумгаит* ж. б. ири ш-лар жайгашкан.

АПЫРТАН — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Ленин-Жол сельсоветине караштуу кыштак. «Москва» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 5 *км* түн. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 70 *км*. Калкы 711 (1974). Башталгыч мектеп бар.

АРА ТӨРӨЛГӨН БАЛА — айы-күнүнө (40 жумага) жетпей төрөлгөн бала. А. т. б-нын салм. 2500 *г* дан, бою 45 *см* ден кем болот. Мындай баланын териси жука, көгүш, бош, түктүү, май кыртышы начар, кулак калкандары ж-а буттарынын тырмактары жумшак келет; алсыз, арык болгондуктан, эмчекти арап соруп, тез чарчайт. Дем алуу органдары жетилбегендиктен, жетилип төрөлгөн балага караганда ылдам (минутасына 40—120 жолу) дем алат. Жүрөк ж-а кан тамырларынын кагышы минутуна 150—160ка чейин жетет. Төрөлөөр замат А. т. б-ны таза (стерилизацияланган) жалаякка ороп, сыртынан кебез м-н жылуулап багып керек. Эмө албаган балдар атайын зонд, соруурга күчү жете баштаганда, ичү кийгизилген бөтөлкө аркылуу тамактандырылат. А. т. б. жаткан бөлмө жарык, абасы таза, жылуулугу 23—25° болуу керек.

АРА ТӨРӨӨ, к. *Ара төрөлгөн бала.*

АРАБ ДЕҢИЗИ — Инди океанынын бир бөлүгү. Араб ж-а Индостан ж. а-дарынын ортосунан орун алган. Аянты 3683 миң *км*², орт. терең. 2734 *м*, эң терең жери 5203 *м*. Ага куюучу дарыялардын эң ириси — Инд. Чоң булуңдары: Оман, Аден, Кач ж-а Камбей. Климаты тропиктик, муссондуу. Кышында абанын темп-расы 20—25°С, жайында 25—29°С. Жылдык жаан-чачын батышында 23—125 *мм*, чыгышында 3100 *мм* ге жетет. Суунун үстүнкү катмарындагы темп-ра жайында 23—28°С, кышында 22—27°С, тузд. 35,8—36,5‰. Жаныбарлары: дюгонь, учуучу балык, тунец, кылыч тумшук балык, түштүк сельди, парусник ж. б. Ири аралдары: Сокотра, Лаккадив. Башкы порттору: Карачи, Аден, Бомбей, Коломбо.

АРАБ ЖАЗУУСУ — Ж. Чыгыш, Түн. Африка м-н Азиянын арабдары, мусулман дининдеги башка элдер (Иран, Афганистан, Пакистан, Синцзян) пайдаланган жазуу системасы. Байыркы арамей жазуусунун негизинде пайда болгон. А. ж-сун латын алфавитине өткөнгө чейин СССРдеги түрк элдери да колдонуп келген. Азыркы араб алфавити 28 тамгадан турат. Алфавиттин тамгалары өз алдынча турушуна, сөз башында, сөз ортосунда же сөз аягында келишине жараша эки же төрт түрдүү формада жазылат. Араб алфавитинде, негизинен, үнсүз тыбыштар гана өз алдынча тамгалар м-н белгиленип, үндүүлөрдү туюнтуучу үч гана тамга бар. Араб алфавитинин составында созулма үндүүлөр «вав» (w), «йа» (j) ж-а алиф (ا) тамгалары аркылуу берилет. Жазууда көп учурда кыска үндүүлөрдүн түшүрүлүп жазылышына жол берилет, бирок кээде алар тамгалардын астына же үстүнө айрыкча диакритикалык белгилер коюлуп, алар жазылбай калган тиешелүү үндүүнү билдирет. А. ж-су ондон солго жазылат. Араб алфавитин урунган башка элдер өз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө жараша кошумча тамгалар кабыл алышкан, к. Таблица (259-б.).

АРАБ ЖАРЫМ АРАЛЫ, Аравия (байыркы еврейче араба — чөл) — Азиядагы эң ири жарым арал. Батышынан Кызыл деңиз, түштүгүнөн Аден булуңу м-н Араб деңизи, чыгышынан Оман ж-а Перс булуңдары м-н чектешет. Аянты 3 млн. *км*² ге жакын. Ал палеогендин аягы м-н неогенде пайда болгон Кызыл деңиздин терең ойдуңу (грабени) м-н болуңуп, Евразияга кошулган Африка калканынын бир бөлүгү. А. ж. а-да жайгашкан мамлекеттер: Ирактын түш. бөлүгү, Кувейт, Сауд Аравиясы, Йемен Араб Респ-касы, Йемен Элдик Демокр. Респ-касы, Оман, Катар ж-а Бириккөп Араб эмираттары. Жериниң бети дөңсөөлүү келип, негизинен, аки таш тегинен, кристаллдык слапец ж-а гранитten турат. Чыгышында Перс булуңунун жээктеринде эң ири нефть кендери бар. А. ж. а-нын климаты түндүгүндө субтропиктик, түш. ж-а ортоңку бөлүктөрүндө тропиктик-пассаттуу, жылдык жаан-чачыны 100 *мм* ден аз. Жайкы муссондун таасиринен Йемен тоолорунда жылдык жаан-чачын 1000 *мм*, Оман тоолорунда 800 *мм* ге жетет. Январдын орт. темп-расы 7°С (түндүгүндө), 24,8°С ге чейин (Аденде), июлда 26—33,4°С ге чейин жетет. Ички р-ндордо эң төмөнкү темп-расы 0°С ден төмөн, максимум 50°С ден жогору. Агын суулар өтө сейрек. Жериниң 95%кө жакыны — тропиктик чөл. Жарым чөл ж-а чөл өсүмдүктөрү, тоо тикен, оазистерде акация, курма пальмасы өсөт. Түштүгүндөгү кээ бир жерлерде — саванналар, түш. ж-а чыгышындагы тоолуу р-ндордо тропиктик токойлор кездешет. Айбанаттары: бөкөн, жапайы эшек, кош аяк чычкан, гиена, чөө, түлкү; канаттуулардан—чөл боз тооргою, карчыга, кекилик ж. б. кездешет. Түш.-чыгышында Руб-эль-Хали чөлү (дүйнөдөгү ири чөлдөрдүн бири), түндүгүндө Чоң Нефуд чөлү жатат.

АРАБ ЖЫЛКЫСЫ — б. з. 1 миңинчи жылында Аравияда элдик селекция м-н чыгарылган мингич жылкы. О. кылымда Европага тарап, чет өлкөлөрдө унаа катарында урунулган. А. ж. анча чоң эмес, субагай тартын, жүрүштүү келет. Өңү боз, жээрдө тору ж. б. Боюнун бийиктиги 150—152 *см*, түлкү боюнун уз. 149—150,



шыйрагынын жоондугу 18—19 *см*. Алыска чыдамдуу. СССРде 1000 *м* аралыкты 1 *мин* 8,2 *сек*, 2400 *м* 2 *мин* 41 *сек* жүгүрөт. А. ж. таза кандуу англис ж-а таскактуу орлов жылкыларын чыгарууда чоң роль ойногон. Карпаттын, Кавказдын, О. Азиянын тоолуу р-ндорундагы (Кырг-нда да бар) жерг. жылкыны жакшыртуу үчүн пайдаланылууда. А. ж. дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө тараган.

АРАБ МАДАНИЯТЫ — 7—10-к-да Араб халифатында арабдардын ж-а алар жеңип алган Ж. Чыгыш м-н О. Чыгыштын, Түн. Африка м-н Түш.-Бат. Европанын элдеринин маданий карым-катыштарынын негизинде түзүлгөн о. кылым мад-ты. Илимий ад-тта «А. мад.» деген термин кадимки араб элдеринин өз мад-тына да, халифаттын кол астындагы кээ бир элдердин араб тилинде жаралган о. кылым мад-тына да тиешелүү. Кийинки маанисинде «А. мад.» деген түшүнүк «мусулман маданияты» деген түшүнүктү туюндурат. Араб ж. а-да ислам чыккандан араб калкы түзгөн мад-тта оозеки чыг-лык күчтүү өнүккөн. 7-к-да ислам дини пайда болуп, Халифат мамлекети курулат да, арабдардын жеңип алууларынан улам кеңири аймактагы зор феод. империя түзүлөт. Арабдар түзгөн мамлекет саясат, дин ж-а көп аймактарда тил жагынан да жалпылыкка ээ болгон. Бул болсо Халифаттагы элдердин маданий турмушундагы окшош формалардын келип чыгышын шарттаган. Багындырылган элдердин маданий мурасы жаңы идеол. (ислам дини) ж-а социалдык-саясий (халифат) баштын мүдөөсүнө жараша кайрадан иштелип чыккан. Башка элдердин мад-тына арабдар ислам дини, араб тилин ж-а бедуиндер (көчмөн арабдар) поэзиясынын салттарын киргизишкен. А. мад-на О. Азия, Иран, Закавказье элдери, сириялык христиандар, нубейлер ж. б. да маанилүү салым кошкон. 8—9-к-да араб тилинде байыркы ил. ж-а адабий көп эстеликтер (асыресе гректерге, сириялыктарга, прандыктарга тиешелүү) которулат да, 9—10-к-да А. мад. гүлдөп-өнүгүү чегине жеткен. Аның табылгалары көп элдердин мад-тын (отонун ичинде о. кылымдагы Европа элдеринин да) байытып, дүйн. мад-тка көрүнүктүү салым кошкон. Бул көбүнчө философиянын, мед., матем., астрон., геогр., филол. ж-а тарыхый билимдердин өнүгүшүнө тиешелүү эле. Материалдык мад-тта, иск-водо, айрыкча архитектура ж-а көркөм кол өнөрчүлүктө эң сонун эстеликтер жаратылган. Бирок Араб мад-нда билимдин тармактарга бөлүнүшүн шарттуу түрдө гана түшүнүү керек, анткени мында, о. кылым мад-тынын башка түрлөрүндөгүдөй эле, илим тармактары даана жиктелген эмес. Арабдын мад-т ишмерлери энциклопедиялык билимге ээ болгон: көп учурда филос. ж-а математика б-ча адис киши чоң тарыхчы да, дарыгер да, анан акын да, тилчи да болгон.

Аббасилер халифатынын аймагында өз бетинче мамлекеттер пайда болгон соң (10-к-дын орто чени), А. мад-тынын таасири төмөндөй баштайт да, аның өнүгүшү Иран, О. Азия (14—15-к.), Түркия (16-к.) ж-а Мусулман Испаниясындагы (10—15-к.) маданий прогресстен артта кала берет. Мис., ошол доорлордо аль-Хорезми, *Ибн Сина*, аль *Фараби*, *Бируни* ж. б. ишмерлер А. мад-нын салты м-н илимде ж-а иск-водо жаңылыктар ачышкан. 16-к-да арабдарды түрктөр басып алган, 19—20-к. алар европ. колонизаторлордун эзүүсүндө калган. Бул А. мад-нын өнүгүшүнө чоң бөгөт болгон. А. мад-нын мындан кийинки өнүгүшү араб өлкөлөрүндө капит. мамилелердин орношуна ж-а чет элдиктердин үстөмдүгүнө каршы улуттук-бошт. күрөшүнө байланыштуу болду (к. айрым араб өлкөлөрү ж-дөгү макалалардын тиешелүү бөлүмдөрүн). Улуттук жазма-чиймеси жок элдер (мис., О. Азия элдери) көп кылымдар бою *араб жазуусунан* пайдаланып келген. Араб тилиндеги тарыхый дареткердин О. Азия элдеринин тарыхын, маданий турмушун изилдөөдө чоң мааниси бар. Мис., Афдулафтын, Идрисинин, Истахринин ж. б. тарыхый географияга тиешелүү эмгектери кыргыздардын өткөн доорлордогу жашаган жерлеринен, тиричилигинен, турмушунан кабар берет.

Жеке түрү	Сөз аягында	Сөз ортосунда	Сөз башында	Транскрипциясы	Тамганын аталышы
ا	ـا	—	—	ā	Алиф
ب	ـب	ـبـ	بـ	b	Бā
ت	ـت	ـتـ	تـ	t	Тā
ث	ـث	ـثـ	ثـ	ṯ	Ṯā
ج	ـج	ـجـ	جـ	ǧ(ж)	Джйм
ح	ـح	ـحـ	حـ	ḥ	Ḥā
خ	ـخ	ـخـ	خـ	x	Хā
د	ـد	—	—	d	Дāль
ذ	ـذ	—	—	ḏ	Ḏаль
ر	ـر	—	—	r	Рā
ز	ـز	—	—	z	Зā
س	ـس	ـسـ	سـ	s	Сйн
ش	ـش	ـشـ	شـ	š	Шйн
ص	ـص	ـصـ	صـ	ṣ	Ṣад
ض	ـض	ـضـ	ضـ	ḍ	Ḍад
ط	ـط	ـطـ	طـ	ṭ	Ṭā
ظ	ـظ	ـظـ	ظـ	ẓ	Ẓā
ع	ـع	ـعـ	عـ	ʿa	ʿАйн
غ	ـغ	ـغـ	غـ	ġ(ғ)	Ғайн
ف	ـف	ـفـ	فـ	f	Фā
ق	ـق	ـقـ	قـ	q(k)	Қāф
ك	ـك	ـكـ	كـ	k	Кāф
ل	ـل	ـلـ	لـ	l	Лāм
م	ـم	ـمـ	مـ	m	Мйм
ن	ـن	ـنـ	نـ	n	Нӯн
ه	ـه	ـهـ	هـ	h	hā
و	ـو	—	—	...	Вав
ي	ـي	ـيـ	يـ	ū	Йā

Табият илимдери. Халифаттагы табият илимиинин өнүгүү борбору адегенде Сирия м-н Түш.-Бат. Иран болгон. Байыркы грек окумуштууларынын эмгектери араб тилине которулуп, Бат. Европага тараган (мис., Геродун, Архимеддин ил. чыгылары). А. мад-ныи Европага өтүшү тех. жаңылыктарды (компас, парустары кыйгач кайык ж. б.) берди. Алардын айрымдары Кытай м-н Индиядан алынган. 9—11-к.— Халифаттагы илимдин дүркүрөп өсүп мезгили. Багдад мектептери м-н китепканалары бар ири ил. борборго айлана баштап, анда кол өнөрчүлүк ж-а соода м-н байланышкан матем., астрон., геогр. илимдери өнүгөт. 11-к-дын акырында чыгыш акыны ж-а окумуштуусу Омар Хайям Бухара, Исфахан обсерваториясында иштеген. Ал ил. эмгектерин араб тилинде жазган. Араб математиктеринин алгебра илимин түзүүдө ролу чоң. Астрон. илими Птолемейдин эмгектери м-н байыган: асман телосунун кыймылынын моделин түзүү, асман сферасында жарык чыгаруучулардын координатасын аныктоо жолу ж. б. араб астрономдоруна таандык. О. Азия окумуштуусу Беруни Жер Күндүн айланасында айланат деген болжол айткан.

Арабдарда медицина зор жетишкендиктерге ээ болгон. 11-к-дагы улуу окумуштуу Ибн Сина жүздөн ашык ил. эмгек жазган, өз учурунда врач катары айрыкча даңкталган. Ибн Сина көп ооруларды биринчи жолу сыпаттап жазган.

География. Маалыматынын кептүү, жанрынын ар түрдүүлүү ж-а чыг-ларынын саны жагынан араб географиясы о. кылымда алдыда турган. Араб географтары ж-а саякатчылары бүтүндөй мусулман Чыгышы, о. эле Европа, Африка ж-а Азиянын бир катар өлкөлөрү ж-дө маалыматтар жазып калтырышкан. Араб географиясынын өзгочолугу: жер бетинин түзүлүшү тууралуу теориялык жоболорунда өзү топтогон маалыматтарга таянбастан, Птолемейдин геогр. теориясын жолдогон. 8—9-к. античный авторлордун, асыресе Птолемейдин эмгектери арабчага которулган. Бул болсо араб ил. географиясынын жаралышына алып келген (мис., Баттани, Хорезми, Бирунинин эмгектери). Арабча геогр. ад-ттын өтө өөрчүгөн учуру 10-к-га туура келет. Айрыкча соода жолдорун ж-а мусулман аймактарын баяндаган эмгектер геогр. маданий-тарыхый маалыматтарга бай. 11—14-к. мурда топтолгон геогр. материалдарды жыйынтыктаган геогр. сөздүк жанры ж-а ааламдын жалпы сүрөттөмөсү (космография) пайда болгон.

Философиясы. Феодализм доорунда А. ф-да эки агым пайда болгон. 1. Диний окууга шайкеш келген идеал. философия. 2. Ортодоксалдык исламга каршы багытталган матер. багыттагы философия. 2-агымдын өкүлдөрү догматтарды ачык сындашпаса да, ислам динине каршы активдүү күрөшкөн. 7—8-к. ислам динининн филос. негизи куралат. Бага каршы мутазалилердин прогрессчил филос. окуусу калыптанып, «тагдырдын жазганы» ж-дөгү ортодоксалдык догматка ж-а кудайды антропоморфтуу деп элестетүүлөргө каршы чыгышкан. Адам акыл-эс м-н ааламды ж-а кудайды таанып-билет деген мутазалилердин пикири мусулман диний окуусуна киргизген рационалисттик элемент болгон. Мутазалилерге каршы күрөштө ортодоксалдык исламды жолдогон мутакалимдердин диний мектеби түзүлгөн. А. ф-нын андан ары өнүгүшүнө суфийлердин кыймылы чоң таасир тийгизген. Суфизм аскетизм идеясына негизделген. Анын көрүнүктүү өкүлү аль-Газали болгон. 9-к-да А. ф-нын прогрессчил өкүлдөрү Аристотель философиясынын матер. элементтерин пайдалана башташат. Бул агымдын башында аль-Кинди турган. Бирок аристотелизмдин өкүлдөрү диний түшүнүктөрдөн кутула алышкан эмес. Алар филос. идеяларын диний окуу м-н айкалыштырууга аракеттенип, дүйнөнү кудай жаратканн эмес, ал кудай сыяктуу эле түбөлүктүү персе деп материалдык дүйнөнүн түбөлүктүүлүгүн далилдөөгө далалат кылышкан. 12-к-да А. ф-нын чыг-лык борбору Чыгыштан Батышка оойт. Бат. араб философиясына негиз салуучу сарагостук философ Ибн Баджа болгон. Ал мистикага каршы чыгып, илимди жактаган. Бат. А. ф-нын гүлдөп турган убагы Ибн Рушддун (Аверроэстин) мезгилине туура келет. Классикалык А. ф. Европадагы филос. ойлордун өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

Тарых илими. Араб (араб тилиндеги) тарыхнамасы өз бетинче тармак катары 8—9-к-дын чегинде бөлүнүп чыкты. Тарыхый мазмундагы алгачкы жазмалар 7-к-дын аягына тиешелүү. Араб тилиндеги тарыхый ад-ттын илгерки эстеликтери үчүн араб уруулары ж-дөгү тарыхый-геиеологиялык уламыштар, мусулман динининн чыгышы, Мухаммеддин ж-а анын макасатташтарынын өмүрү ж-дөгү диний-тарыхый ацыз сөздөр да материал болгон. Араб тарыхнамасында кабыл алынган бүткүл дүйн. тарыхтын схемасы өткөндү «Курандын» түшүндүрүшү аркылуу түзүлгөн. О. кылымдагы араб тарыхчылары адам баласынын тарыхын кудайдын кудурети м-н жаралган деп баяндашкан. Профессионал араб тарыхчыларына жол көрсөтүп кеткендер санжыраларды ж-а уруулардын уламыштарын жакшы билишкен, аларды жыйнап жүргөн адамдар болгон. Ал материалдар Мухаммед аль-Кальби (763-ж. ө.) тарабынан системага салынып, анын уулу Хишам (819-ж. чамасында ө.) тарабынан кошумчаланып жазылган. Санжыралар м-н уруулардын өзүлөрүнчө уламыштарын жыйноону Халифаттын салсий тарыхына байланыштыра караган тарыхчылардын эң приси аз-Зухра (741/42-ж. ө.) болгон. Андан соң байыркы пайгамбарлардын тарыхын ж-а Мухаммеддин өмүр жолун Ибн Исхак (704—768-ж. чамасы) жазган. «Пайгамбарлар менен падышалар тарыхы» деген көп томдуу эмгекти ат-Табари (838—923-ж. чамасы) калтырган. 10-к-дын 2-жарымынан тартып династиялардын ж-а жерг. окуялардын хроникалары жазыла баштаган. Араб тилиндеги тарыхый эмгектер араб өлкөлөрүндө гана эмес, башка мусулмандар өлкөлөрүндө да жазылган.



Кайрдеги Кант — бей мечит — мавзолейи.

Адабияты. Араб ад-ты Аравия ж. а-да жашаган алгачкы уруулардын оозеки көркөм чыг-ларынан келип чыккан. Байыркы арабдардын оозеки көркөм чыг-сында башка элдердин таасири жокко эсе. Ал, көбүнчө кочмон ж-а жарым кочмон малчылар м-н оазистик дыйкандардын турмушун чагылдырган эмгек, бешик, коч ж. б. мазмундагы элдик поэзия болгон. Душманга кызырынуу, жекирүү (хиджа), мактоо (фахр), өч алуу ыры (сар), кошок жө элегия (риса), о. эле сүйүү ж-а пейзаж лирикасы (насиб ж-а васф) сыяктуулар араб ад-тында алгачкы пайда болгон жанрлардан. Чечендик, уруулардын согушу (айям аль-араб) ж. б. белгилүү окуялар ж-дө ацгемелер сыяктуу көркөм проза да байыртадан башталган. Арабдардын 5—7-к-дагы поэзиясы көпкө дейре окум сүрөп белгилүү бир туруктуу тематиканы ж-а көркөм ыкманы иштеп чыгып, поэтикалык тилдин, метриканын ж-а эстет. идеалдардын өзүнчө үлгүсүнө айланган. Байыркы арабдын поэзиясы тилинин байлыгы, синтаксистик конструкцияларынын ыкемдүүлүгү, көркөм каражаттарынын көп түрдүүлүгү м-н айырмаланчу.

Арабдын алгачкы кол жазмасы Мухаммеддин диний үгүтү, диний мазмундагы ацгемелер, ислам общинасынын ж-а мамлекетинин закон жоболорунан турган *куран* болуп эсептелет. Курандын таасири кийинки араб ад-тынын бардыгында кездешет. Мухаммед ж-а анын тарапкерлери өз идеяларына анча кызмат кыла бербегендиктен, поэзияга каршы чыгышкан. Араб поэзиясынын идеялык мазмуну жаңы мезгил—ислам динининн таасири м-н өзгөрүүгө дуушар болду. Сирия м-н Ирак араб поэзиясынын борбору болуп калды. Омейяддардын сарайында аль-Ахталь, аль-Жарир, аль-Фарездак сыяктуу көрүнүктүү акындар кызмат кылган. 8-к-дын орто ченинен тартып араб ад-тын түзүүгө басылып алынган жерлердин өкүлдөрү активдүү катышат. Халифатта араб эстеликтерин үйрөнүү колго алынып, тил, стиль ж-а метриканын теориясы иштелип, байыркы маанилүү чыг-лар араб тилдерине которула баштаган. Арабча прозанын өнүгүшүнө орто фарс (пехлеви) тилинен которуу айрыкча маанилүү болгон. Отол кездерде араб поэзиясында «жаңы стилде» жазылган (бадит) тематикалык жактан да өз алдынча кыска көркөм ырлардын жаралышы м-н көлөмдүү зор касыдаларды жаратууга умтулуу сыяктуу өзгөрүүлөрү болду. Бул жаңы стилди баштоочулардын бири акын ж-а азат ойчул Башшар ибн Бурд (783-ж. ө.) болгон. 8—9-к-да кара сөз чеберлери фольклорду жазып алып, куранды үйрөнүшүп, сирия, пехлеви ж-а грек тилдеринен которушуп, араб прозасын дагы жогору көтөрүштү. Отол кезде легендалар, саякат, окуялар ж-дө жазылган тарыхый чыг-лар жарала баштады. Халифат кыйрагандан кийин ад-т да бүлүнду. 10-к-да Халаб ш. негизги адабий борборлордун бири болуп калды. 11-к-да араб ад-ты төмөндөй баштап, поэзияда мистика, прозада дидактика өкүм сүрдү. Ири феодалдардын маданий ж-а эстет. табитин канааттандыруучу жазма ад-т төмөндөгөндөн кийин, оозеки — поэтикалык чыг-лык күч алды. Схоластикадан ж-а конумуш эрежеден чыга албаган 16—18-к-дагы араб ад-ты анчалык бийикке көтөрүлө албаса да, эскинин эстеликтерин ушул күнгө чейин сактап калган үзгүлтүксүз кол жазмалары м-н маанилүү.

Архитектура ж-а сүрөт өнөрү. Мад-тын бул тармактары б-ча арабдар көп элдердин тажрыйбаларын өздөштүрүшкөн. Ошондуктан архитектурасы м-н иск-восу чоң өзгөчөлүккө ээ. Архит. ишн өркүндөп, жаңы үлгүлөрдөгү үйлөр, мечиттер, медреселер, мунаралар салынган. 7-к-дын 1-жарымында Басрада (635), Куфта (638), Фустатта (640) курулган мечиттер алгачкы араб иск-восуна таандык. Мындай мечиттер Дамаскинин борборунда да жерг. эллинисттик ж-а сиро-византиялык архит. салт б-ча курулган ж-а көп түстүү мозаи-



1. Алтын жалатылган чыны чырагдан.
2. Арабдын мозаикалык өрнөгү.

калар м-н жасалгаланып, аларга архит. мыкты пейзаждар киргизилген. Араб архитектурасы айрыкча 10—15-к-да Магриб ж-а Испанияда гүлдөп, өнүгөт. Ири шаарлар (Рабат, Марракеш, Фесте ж. б.), мунаралуу коргондор, имараттар, Гранадада Альгамбра дворецн курулат. Сүрөт искусвосу Египетте 10—12-к-дан өркүндөй баштайт. Дүйн. иск-вонун өзөл мезгилиндеги эң көрүнүктүү ордун арабдардын китеп миниатюрасы ээлейт. О. кылымдагы араб иск-восунун таасири бүткүл дүйнөдөгү мусулман өлкөлөрүнө тараган.

Музыкасы. Араб музыкасы арабдын өзүнүн ж-а ал басып алган өлкөлөрдүн иск-восунун кошулушунда калыптанган. Өнүгүүнүн алгачкы «бедуин мезгили» музыка ж-а поэзиянын биримдиги м-н мүнөздөлөт. Байыркы араб профессионал ырчы-акындары, ыр жанрынын түрлөрү, муз. аспаптар ж-дөгү маалыматтар азыр да сакталып калган. Классикалык араб музыкасы 7-к-дын аягынан тартып гүлдөйт, аны м-н вокалдык-аспаптык жанр айрыкча кеңири тараган, мында негизги роль ырчыга таандык болгон. Көрүнүктүү ырчы-музыканттары: Ибн Мусажих, Муслим ибн Мухриз, Ибрахим аль-Маусили ж. б. Чыг. музыкасы ж-дөгү маалыматтар аль-Фараби, Ибн Сина ж. б. эмгектеринде берилет.

Ад.: Бартольд В. В., Соч., т. 6, М., 1966; Беляев Е. А., Арабы, ислам и арабский халифат в раннее средневековье, 2 изд., М., 1966; Мец А., Мусульманский Ренессанс, пер. с нем., М., 1966; Избр. произв. мыслителей стран Ближнего и Среднего Востока 9—14 вв., М., 1961; аль-Фахури Х., История арабской литературы, (пер. с араб.), т. 1—2, М., 1959—61; Фильштинский И. М., Арабская классическая литература, М., 1965; Вейдеман Б., Каптерева Т., Подольский А., Искусство арабских народов, М., 1960; Кузнецов К. А., Арабская музыка, в сб.: Очерки по истории и теории музыки, (сб.) 2, Л., 1940.

АРАБ ӨЛКӨЛӨРҮНӨ ИЗРАИЛДИН АГРЕССИЯСЫ (1967)—империал. державолардын ж-а эл аралык сионизмдин тымызын көкүтүүсү м-н Египетке, Иорданияга ж-а Сирияга 1967-ж. 5-июндда Израилдин куралдуу кол салуусу. Бул агрессия аркылуу АКШ-нын бийлөөчү чөйрөлөрү баштаган импер. күчтөр араб өлкөлөрүндөгү улуттук өз алдынчалык үчүн күймылга сокку уруп, Египет м-н Сириядагы прогрессчил түзүлүштөрдү кулаткысы келген ж-а араб өлкөлөрүндө неоколониализмдин, реакциянын позицияларын чыңдоого умтулган. Мурдатан даярдалган план б-ча Израиль, агрессия башталганда эле, Египеттин, Иорданиянын, Сириянын самолётторунун ж-а аэродромдорунун көбүн иштен чыгарып, араб өлкөлөрүнүн 1 млн-дон ашык калкы бар 70 миң $км^2$ аймагын алты күндө басып алды. Агрессиянын жүрүшүндө Израиль ООНдун Коопсуздук Советинин 6, 7, 9-июндагы ок атуунү тез токтотуу ж-дөгү рез-ларын этибар алган жок. Коопсуздук Советинин 4-жолку чечиминен кийин, СССР ж-а бир катар өлкөлөр Израиль м-н дипл. мамилелерин үзүп, агрессорго санкция колдонуулары эскертилгенде гана согуш токтотулду. Бута СССРдин ж. б. соц. өлкөлөрдүн агрессорго сокку берүү, араб өлкөлөрүнө керегинче көмөк көрсөтүү ж-дөгү чечкиндүү позициясы таасир тийгизди. Бирок Израиль аны м-н тынып калган жок, ар түрдүү аракеттер м-н араб өлкөлөрүн онузалап, басып алган терр-ляларында жашаган калкты кысмактай берди. Израиль ООНдун Коопсуздук Советинин Ж. Чыгыштагы чыр-чатакты жөнгө салуу ж-дө кабыл алган атайын чечимин тоотмоксонго салып, арабдарга капитуляция шарттарын таңуулады. 1973-ж. Израиль кайра согуш ачканда, анын аскерлери Египеттин ж-а Сириянын куралдуу күчтөрүнүн катуу каршылыгына дуушар болду. Бул согуш тынчтыкчыл күчтөрдүн кийлигишүүсү м-н гана токтотулду. ООНдун Коопсуздук Советинин 1973-ж. 22-октябрдагы чечими б-ча Женевада 1973-жылдын дек., 1974-жылдын янв. айларында Ж. Чыгыш ж-дө тынчтык конф-ясы чакырылды; ал конф-ясын чечимине ылайык Израилдин ж-а Египет м-н Сириянын аскерлеринин арасы ажыратылды.

АРАБ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ЛИГАСЫ — араб мамлекеттеринин карым-катнашын чыңдоо, саясий аракеттерин координациялоо, кез каранды эместигин ж-а суверенитетин коргоо максатында түзүлгөн уюм. 1945-ж. 22-мартта Каирде Египет, Ирак, Сирия, Ливан ж-а Иорданиянын (Транспордания) өкүлдөрүнүн конф-ясында негиз салынган. Кийин Лигага дагы бир катар өлкө кирген. 1973-ж. апрелде бул уюмда 18 мамлекет болгон. Лигада Палестинаны азат кылуу уюмунун өкүлү да бар. Лиганын жог. органы — Совет (буга уюмга мүчө мамлекеттердин баарынын өкүлү кирет), аткаруу органы — Генеральный секретариат (5 жылдык мөөнөткө шайланат). Ген. секретариаттын алдында саясий, экон., аскер иштери б-ча д. у. с. комитеттер иштейт ж-а алардын ООНдогу тиешелүү мекемелер м-н байланышы бар. 1964-ж. Лиганын 2-конф-ясында Биринкен аскер командачылыгы уюшулду. Араб мамлекет-

терииде улуттук-бошт. кыймылдын күчөшүнө жараша А. ө. л-нын антиимпер. багыты чыңдала баштады.

АРАБ СОЦИАЛИСТТИК СОЮЗУ (АСС) (Аль-Иттихад аль-иштираки аль-араби) — Араб Египет Респ-касындагы дыйкандардын, жумушчулардын, интеллигенциянын ж-а улуттук буржуазиянын өкүлдөрүнөн куралган массалык саясий уюм. АССти түзүү ж-дөгү чечим 1962-ж. Элдик күчтөрдүн улуттук конгрессинде кабыл алынып, анын баштапкы уюмдары 1963-ж. майда түзүлгөн. АССтин саясий программасы капит. өнүгүш жолунан баш тартууну жарыялайт, өлкөдөгү айрым шарттарды эсепке алуу м-н «социализмди курууну» максат кылып коёт. АССтин жог. органы — Жалпы улуттук конгресс (1-сессиясы 1968-ж. сентябрда болгон) 6 жылдык мөөнөт м-н шайланат. Конгресстин сессияларынын ортосундагы мезгилде АССтин жог. органы — АСС БК. Жаңы Устав б-ча АССтин уюмдарына демокр. централизм принциби киргизилет. АССтин мүчөлөрү болжол м-н 5,5 млн. (1973). Пред-ли — *Анвар Садат* (1970-ж. 13-октябрдан бери). Официалдуу органы — «Аль-Гумхурия» («Республика») газетасы, о. эле (1965-жылдан бери) «Аль-Иштираки» («Социалист») газетасы чыгат.

АРАБ ТААНУУ ИЛИМИ, арабистика — араб элдеринин тарыхын, экономикасын, тил ж-а ад-тын, мад-тын, коомдук ой-пикирин изилдөөчү гуманитардык илимдердин жыйындысы. «Арабистика» термини Европада жаңы доордо пайда болгон. Мунун алгачкы негизги жазма даректерине геогр., тарых, мусулман укугу, этногр. б-ча араб тилинде жазган авторлордун көп сандаган эмгектери, айрым мамл. ишмерлердин, дин м-н мад-ттын ири өкүлдөрүнүн таржымалдары, элдик кыймылдардын тарыхы ж. б. кирген. Бат. Европа А. т. и. 16-к-дын аягында пайда болот. Чыг. өлкөлөрү м-н болгон соода ж-а дипл. мамилелердин өнүгүшү, миссионердик үгүттүн практикалык милдеттери араб өлкөлөрүнө кызыгууну туудурду. 17—18-к-да Рим, Париж, Лейден ш-лары А. т. и-нин негизги борборлоруна айланды. А. т. и. диний үрп-адаттарга тыгыз байланыштуу болгондуктан, *куранга* түшүндүрмө берүү үчүн араб тилин үйрөнүү зарылдыгы келип чыккан. 17-к-дын башында голл. филолог Т. Эрпениус араб грамматикасын түзүп, Европада араб филологиясына негиз салат. 17-к-да араб тарыхы, географиясы, мад-ты б-ча Бат. Европа окумуштуулары жыйнаган үзүндү маалыматтарды Чыг. өлкөлөрүн изилдөөчүлөр англичан Э. Пококк, француз Б. д'Эрбело жалпылаган. 18-к-да немец арабисти И. Я. Рейске арабистиканын диний окуудан бөлүү зарылдыгын ж-а Чыг. өлкөлөрүнүн тарыхын, мад-тын дүйн. тарыхтын ж-а мад-ттын бир бөлүгү деп эсептөөнү талап кылган. 19-к-да бат. европ. ири өлкөлөрдүн колониячыл саясаты А. т. и-нин өнүгүшүнө түрткү болгон. 19-к-дын аягы—20-к-дын башында, айрыкча грамматиканын, лексикографиянын ж-а ад-т таануунун өркүндөшүнө Франция, Норвегия, Улуу Британия, Германия, Голландиянын ж-а Венгриянын бир катар окумуштуулары чоң салым киргизген. Россияда А. В. Болдыревдин араб грамматикасы ж-а хрестоматиясынын басылып чыгышы (1827) араб филологиясына негиз салды. Орус А. т. и-нин өнүгүшүндө В. Р. Розендин да эмгектери зор роль ойноду. Араб филологиясындагы жетишкендиктер Европа ж-а Чыг. өлкөлөрүнүн кол жазма фондуларында сакталып жаткан о. кылымдарга тиешелүү жазма даректерди басып чыгарууга ыңгайлуу шарт түздү. 19—20-к-да араб тилиндеги тарыхый геогр. эмгектерди жарыялоого, айрымдарын европ. тилдерге которууга бат. европ. көп арабисттер катышкан. Россияда А. т. и-н Х. Д. Френ, Н. А. Медников, П. С. Савельев ж. б. өнүктүргөн. Араб тилиндеги мурда басылып чыкпаган жазма даректерди жарыялоо тарыхый изилдөөлөрдүн башталышына да негиз салды. 19-к-дын башында алар негизинен арабдардын летопистерин баяндоо м-н чектелген. Бирок 19-к-дын орто ченинен жазма даректерди сын көз м-н талдаган эмгектер пайда боло баштады. Мындай эмгектердин методологиясында динге, мамлекетке ж-а укук маселелерине айрыкча кызыгуу байкалат, ислам дини арабдардын коомдук турмушунун, мад-тынын өнүгүшүн шарттаган негизги фактор катары бааланат. Бул көз караштар «Ислам энциклопедиясынын» (Лейден, 1908—38, англис, француз, немец ж-а түрк тилдеринде) 1-басылышынан байкалат. Араб өлкөлөрүнүн коомдук-экон. өнүгүшүнүн маселелери тарыхтын соңку жаңы доорундагы А. т. и-нде толугураак чагылдырылат. Бул маселелер б-ча чет өлкөлүк арабисттердин бир кыйласы эмгектенди. Алардын көз караштары «Ислам энциклопедиясынын» 2-басылышынан орун алган (Лейден—Париж, 1954—1969). А. т. и-нин өнүгүшүндө араб окумуштууларынын эмгектеринин да мааниси зор. Азыр араб историяграфиясы (Рашид аль-Баррави, Абдаррахман ар-Рафии, Мухаммед Сабри ж. б.) колониализмге каршы багытталып отурат.

Сов. А. т. и-нин негизин И. Ю. Крачковский, В. В. Бартольд, А. Е. Крымский тарабынан түзүлгөн. Алар ревяга чейинки орус А. т. и-нин жакшы салттарын улантып, анын өнүгүшүнүн жаңы этабын ачты. Бара-бара экон., тарыхый, филос. изилдөөлөрдүн чектери ажыратылып, араб өлкөлөрүнүн жаңы ж-а соңку жаңы тарыхына кызыгуулар өсүүдө. Маркстик методология м-н куралданган сов. окумуштуулар араб өлкөлөрүнүн байыркы тарыхын, феод. түзүлүштүн генезисин, исламдын тарыхын (Е. А. Беляев, Н. В. Пигулевская, А. Ю. Якубовский, И. П. Петрушевский ж. б.), о. кылымдагы ж-а жаңы доордогу арабдардын мад-тын, коомдук ой-пикирин изилдөөдө, араб өлкөлөрүндө колониялык ж-а улуттук-бошт. кыймылдын шартында капитализмдин өнүгүшүнө көңүл бурулууда; араб коомунун социалдык структурасы, саясий турмушу, идеологиясынын өнүгүшү айкындалып турат. А. т. и-нин проблемалары Москвадагы Чыг. өлкөлөрүнүн ин-тунда, Африка ин-тунда, СССР ИАнын Этногр., Филос. ин-ттарында, Азербайжандын, Грузиянын, Өзб-ндын, Таж-ндын ИАларында изилденүүдө. Арабисттер Москва, Ленинград, Баку, Ташкен, Тбилиси ж. б. ш-лардагы ун-ттерде даярдалат. Учурдагы А. т. и-нин проблемалары «Народы Азии и Африки» деген журналдарда, «Азия и Африка сегодня», «Палестинский сборник», «Семитские языки» ж. б. басма сөздө чагылдырылып турат.

Ад.: Бартольд В. В., История изучения Востока в Европе и России, 2 изд., Л., 1925; Крачковский И. Ю., Очерки по истории русской арабистики, Избр. соч., т. 5, М.—Л., 1958; Шарбатов Г. Ш., Арабистика в СССР (1917—1959), М., 1959; Лунин Б. В., Из истории русского востоковедения и археологии в Туркестане, Таш., 1958; Смилянская И. М., Изучение в Советском Союзе истории арабских стран нового времени, «Народы Азии и Африки», 1968, № 3.

АРАБ ТИЛИ — Бат. Азия м-н Түн. Африкада жашаган арабдардын тили. Бул тилде 96 млн-го жакын адам сүйлөйт. Семит-хамит тилдеринин семит тобуна кирет. Жазма эстеликтери б. з. ч. 4-к-дан белгилүү. А. т-де сүйлөгөн элдердин бардыгы үчүн жалпы таандык болгон азыркы араб адабий тили Араб ж. а-да 7-к-да пайда болгон оозеки *койнеден* келип чыккан. О. кылымда А. т. Чыгыштагы бардык мусулмандар үчүн диндин, илимдин ж-а ад-ттын тили болгон. Араб тили египет, судан, сирия, ирак, магриб ж. б. диалектилерге бөлүнөт. Морф. түзүлүшү б-ча флективдүү тилдерге кирет. А. т-нин байыркы эстеликтери: Намар (328), Забед (542) жазуулары, к. *Араб жазуусу*.

Ад.: Юшманов Н. В., Строй арабского языка, Л., 1938; Шарбатов Г. Ш., Современный арабский язык, М., 1961; Гранде Б. М., Курс арабской грамматики в сравнительно-историческом освещении, М., 1963.

АРАБ ЦИФРАЛАРЫ — эсептөөнүн ондук системасында берилген: 0, 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9 матем. белгилер. Алардын жардамы м-н эң кичине же эң чоң сандарды жазууга болот. Бул цифралар Индияда (5-к.) пайда болуп, арабдардан Европага (10—13-к.) тарагандыктан, А. ц. деп аталып калган.

АРАБ ЧӨЛҮ — Африкадагы (ЕАР) чөл. *Сахаранын* түн.-чыг. бөлүгү, Нил өрөөнү м-н Кызыл деңиздин ортосунда, түштүгү Нубия чөлүнө өтөт. Көпчүлүк бөлүгүн батыштан чыгышка тектирчеленип көтөрүлгөн кумдук ж-а аки таш тегинен турган шагылдуу плато (хамада) ээлейт. Чыгышында Кызыл деңиздин жээгин бойлой кристаллдык тоо тектерден турган Этбай (Шайб-эль-Банат, 1284 *м*) кырка тоосу созулуп жатат. Жери дөңсөлүү, климаты ысык, чөлдүү. Бадалдар, акация, жылгын, сикомор, курма пальмалары өсөт. Калкы көчмөндүү, негизги кесипчилиги — мал чарбачылык (эчки, кой, төө), оазистерде дыйканчылык өнүккөн. Кызыл деңиздин жээгинен нефть, фосфорит алынат.

АРАБА — унаа чегилүүчү, жүк ж-а жүргүнчү ташуу шайманы. А. м-н азыр негизинен чарба ичиндеги жүк ташылат. А-нын бир нече түрү болот. Техника жетишсиз кезде колхоз, совхоз өндүрүшүндө кеңири колдонулуп келген.

АРАБАЕВ Эркин Ишеналиевич (1924-ж. т., Жалал-Абад) — сов. экономист, проф. (1968), экон. илимд. кандидаты (1956), Кыргыз ССРинин эмг. сиң. экономисти (1974). 1947-жылдан КПССтин мүчөсү. 1943—46-ж. комсомолдун Ак-Талаа райкомунун секретары, эмгекчилер депутаттарынын райаткомунун кызматкери. 1952-ж. Москвадагы К. И. Тимирязев атн. а. ч. академиясын бүтүрүп, анын а. ч. экономикасы кафедрасына мугалим болуп иштейт. 1959—62-ж. Кыргыз ССР ИАнын Экон. ин-тунда директордун орун басары; 1962-жылдан К. И. Скрябин атн. Кырг-н а. ч. ин-туна ректор. Анын а. ч-сын уюштуруу маселелерине ж-а экономикасына байланыштуу 40тан ашык ил. эмгеги жарыяланган. Кыргыз ССР Жог. Советинин 7—9-шайл. депутаты, Кырг-н КПнин текшерүү комиссиясынын мүчөсү (14—15-съезд). А. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Торжество кооперативного плана В. И. Ленина в Киргизии, Фр., 1960; Повышение производительности труда в сельском хозяйстве Киргизии в период развёрнутого строительства коммунизма, Фр., 1964; Развитие сельского хозяйства Таласской долины, Фр., 1975.

АРАБДАР (өздөрүн аль-араб деп аташат) — Бат. Азия ж-а Түн. Африкадагы араб өлкөлөрүндө жашаган элдердин тобу. Алардын жалпы саны 96 млн. (1967). Азыр А. негизинен Африка ж-а Азия өлкөлөрүндө, ЕАР-да, Ливан, Судан, Ливия, Тунис, Алжир, Марокко, Сирия, Ирак ж-а Иордания, Сауд Аравиясы, Оман, Катар, Мавритания ж. б. жерлерде жашап, бул өлкөлөрдүн калкынын көпчүлүгүн (80%) түзөт. А. мындан тышкары Иран, Турция, Афг-н, Израилде, Индонезия, Эфиопия, Сомали, Чад Респ-касы, Танзания, Чыг. Африка, О. Азияда, эмигрант А. Түн. ж-а Түш. Америка, Бат. Европа, Франция ж. б. өлкөлөрдө жашашат. А. көп диалектилери бар араб тилинде сүйлөшөт. Дини б-ча көпчүлүк А.— мусулман-суннит. Бир кыйласы ислам дининин башка багыттарында. Шейиттер Ирак, Йемен, Сирия, Ливанда; друздар Сирия м-н Ливанда; ибадийлер Түн. Африкада, православныйлар Сирия, Ливан, Иорданияда. Азыркы А. Алдыңкы Азия м-н Түн. Африканын байыркы калктарын — арамейлерди, финикиялыктарды, египеттиктерди, ливиялыктарды ж. б-ды жеңип алуу убагында алар м-н аралашуунун натыйжасында пайда болгон. Семит урууларынан келип чыккан А. Араб ж. а-нын автохтон калкы деп болжолдонулат. Араб семити б. з. ч. 3 миңинчи жылдардан баштап эки дарыянын (Евфрат м-н Тигр) жээгине ж-а Сирияга жайгаша баштайт. 7-к-да ислам дининин туусу астында А-дын жеңип алуулары башталып, Ж. Чыгыш ж-а Жер Ортолук деңизиндеги бир канча мамлекетти басып алышып, Араб империясы (халифаты) түзүлгөн. 8-к-дын 1-жарымында Индиядан Атлантика океанына, О. Азиядан Борб. Африкага чейинки бардык мамлекеттерге ж-а элдерге Араб халифаты үстөмдүк кылган. Кийин Араб халифаттыгы кулап, анын ордуна бир катар жаңы араб мамлекеттери: Палестина, Сирия, Ливан, Ирак, Египет ж-а Түн. Африка мамлекеттери пайда болгон.

Араб өлкөлөрүндө ө. ж-дын өнүгүшү, көчмөндөрдүн отурукташышы, а. ч. эмгекчилеринин, шаардык жумушчулардын санынын өсүшү уруучулук ж-а феод. калдыктарга катуу сокку урду. А-да көп жагынан жалпылык болуп, көп кылымдардан бери жанаша жашашканы м-н социалдык-экон. биримдиктин жоктугу, феод.-уруулук бытырандылык А-дын бир эл болуп баш кошушуна жолтоо болуп келсе, кийинки кездерде араб өлкөлөрүндө улуттук-бошт. чыгуу кыймылынын өсүшү улуттук биримдиктин чыңалышына алып келди. О. Азиялык А.— О. Азия респ-каларында жашоочу, өздөрүн араб деп эсептешкен этникалык группа. Булардын түп аталары 7—14-к-да келип орун алышкан. Кийинки кезде о. азиялык А. жерг. элдерге сиңип бара жатышат.

АРАБДАРДЫН ЖЕҢИП АЛУУЛАРЫ — Араб ж. а-дагы уруулар көтөрүлүшүн (632—633) басып, *халифатты* түзгөн соң, Медина өкмөтү баштаган жортуулдар. Бул арабдардын Ж. ж-а О. Чыгышты, Түн. Африканы ж-а Түш.-Бат. Европаны багындыруу м-н аяктаган. А. ж. а. ислам дининин урааны астында жүргүзүлгөн. Жеңип алуулардын 1-этабы 7-к-дын 30—50-ж. халифтер Абу Бекр (632—634), Омар (634—644) ж-а Османдын (644—656) учурунда болгон. Ошол халифтердин башчылыгы м-н араб аскерлери көп жыл жортуул жасап, Аравия ж. а-нан Аму-Дарыяга чейинки жерлерди багындырган. Мис., 633—640-ж. Палестина ж-а Сирияны, 633—652-ж. бүткүл Сасанилер мамлекетин (Аму-Дарыяга чейин) каратышкан. Арабдар 640—654-ж. Армения м-н Грузияны, 639—646-ж. Түн. Африканын көп жерлерин, 648-ж. Кипрди басып алышат. А. ж. а-нын 2-этабы 7-к-дын аягында башталган. Алар 709-жылга чейин бүткүл Түн. Африканы ээлеп, андан ары Танжерге ж-а Атлантика океанынын жээгине чейин барышат. Араб аскерлери 711-ж. Пиреней ж. а-на жетип, узак кармашуулардан кийин, 718-ж. анын көп бөлүгүн өзүлөрүнө караткан. Алар 720-ж. Галлияны басып кирип, Септиманияны ж-а Нарбонну баш ийдиришет. Арабдардын Европага жапырыгын ж-а жортуулдарын франктардын атчан аскерлери ж-а Карл Мартеллдин жөө аскерлери сокку уруп токтоткон. 759-ж. Кодоо Пипиндин аскери Нарбони м-н Септиманияны ээлеп алгандан кийин, А. ж. а. биротоло токтойт. Чыгышта арабдар 711—713-ж. Согда м-н Хорезмди баш ийдиришет.

А. ж. а-нын натыйжасында бир катар өлкөлөрдүн калкы арабдаштырылган. Араб тили, дини, материалдык ж-а духовный мад-тынын көп элементтери аларга баш ийген өлкөлөрдүн элдерине чоң таасир тийгизген. Ошону м-н катар арабдар өзү да басып алган элдердин мад-тынын көп жактарын сиңирип алышып, *араб маданиятынын* өзгөчө бир тармагын түзүшкөн. О. Азия, Иранда, Закавказьеде ж-а Пиреней ж. а-да арабдардын үстөмдүгү ошол өлкөлөрдөгү элдердин бошт. күрөшүнүн натыйжасында жоюлган.

АРАБДЫН СОЦИАЛИСТТИК КАЙРА ЖАРАЛУУ ПАРТИЯСЫ — араб өлкөлөрүндөгү бурж. улуттук партия. 1947-ж. кайра жаралуу деп аталып, өзүн жалпы араб партиясы катары жарыялаган. 1954-ж. Араб соц. партиясы м-н бириккенден кийин азыркы наамга көчкөн. Ал араб өлкөлөрүн улуттук-боштондукка чыгарууну ж-а баш коштурууну жактап, империализмге каршы күрөшкө майда буржуазияны бириктирген. Сирия, Ирак, Ливан, Иордания ж. б. араб өлкөлөрүндө уюмдары бар. 1963-ж. февралда Иракта, мартта Сирияда БААС мамл. төңкөрүш жасап, бийликке келди. Бирок Иракта партиянын башында аша чапкан оңчул элементтер болгондуктан, 1963-ж. бийликтен кулатылган. 1968-ж. мамл. төңкөрүштүн натыйжасында Иракта БААС кайрадан бийликке келип, демокр. багыт алды. Сирияда болсо БААСтын сол тарабы бийликке 1966-ж. келди. Солчул элементтердин таасири бүт партиянын ишине оң таасирин тийгизе баштады. БААСтын Ирактагы ж-а Сириядагы башкаруучу партиялары араб өлкөлөрүндө прогрессчил күчтөрдү баш коштуруп, империализмге, реакцияга, израилдик агрессияга каршы күрөш жүргүзүүдө. Эки партия тең КПСС ж. б. коммунисттик ж-а жумушчу партиялар м-н байланышта турат. Партиянын басма сөз органы: Сирияда — «Аль-Баас», Иракта — «Ас-Саура» газетасы.

АРА-БЕЛ — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Кум-Төр суусунун оң куймасы (Чоң Нарындын алабы). Уз. 61 *км*, алабынын аянты 750 *км²*. А.-Б. Тескей Ала-Toосунун түш. капталындагы мөңгүлөрдөн ж-а көлдөрдөн башталат. Куймалары: Май-Төр, Эгиз-Төр, Сөөк, Кашка-Суу, Чоң-Төр, Ит-Тиши. А.-Б. суусу май айында кирип, сентябрда тартылат. Жылдык орт. чыгымы 4,75 *м³/сек*. Кар, мөңгү сууларынан куралат.

АРА-БЕЛ ӨРӨӨНҮ — *Ички Тянь-Шандагы* бийик өрөөн. Тескей Ала-Тоосу, Ак-Шыйрак, Жетим-Бел тоолорунун аралыгында. Абс. бийикт. 3600—3800 *м*. Батыштан чыгышка 35 *км* созулат. Туурасы 5—10 *км*. Айланасындагы тоолор өрөөндөн 500—600 *м* ге бийик көтөрүлөт. Өрөөн — синклиналдык бүгүлмө, ал антропогендик мөңгү тектерине толгон. Рельефине морена дөбөлөрү, саздуу ойдуңдар ж-а тегиз жерлер мүнөздүү. Дөбөлөрдүн бийикт. 20—50 *м*, үстү тегиз, капталдары жантайыңкы. Байыркы мөңгү жылмалаган чулу тоо тектер, гранит ар кайсы жерде дөмпөйүп чыгып турат. Өрөөндө түбөлүк тоң жатат. Майда көлдөр көп. Климаты катаал: кышы суук ж-а узак, январдын орт. темп-расы — 21—22°С, жайы кыска, салкын, июлдуку 4—5°С. Аба ырайы тез өзгөрүп турат. А. ө. аркылуу батыштан чыгышка *Ара-Бел* суусу агат. Өрөөндүн доңсоолуу жайык тамагын бийик тоолуу «суук чөл» ээлейт. Өсүмдүктөр сейрек, ар кайсы жерде топ-топ болуп, жаздык же орок түрүндө жерге жабышып өсөт. Суулардын ж-а көлдүн жайык жээктеринде тоо шибери, өрөөндүн капталдарында бетеге, доңуз сырты, өлөң, кара кыяк, байчечекей, мамыры ж. б. түркүн чөптөрдөн турган альпы шалбаасы орун алган. 3900 *м* ден жогору бийик тоолуу тундра же тик беттер, аскалар, шагылдуу кырлар ээлейт. Тоо чокулары, бийик төрлөр мөңгү, эрибей жаткан кар м-н капталган. Көлдөрүн жайкысын суу канаттуулары (өрдөк, индия казы, аңыр ж. б.) мекендейт. Тоолордо тоо эчки, аркар, кашкулак, суур, карышкыр, илбирс бар. А. ө. Ысык-Көл өрөөнүнөн сыртка мал айдаган учурларда кыска мөөнөттө жайкы ж-а күзгү жайыт катары пайдаланылат. Өрөөн аркылуу Ысык-Көл — Ак-Шыйрак автомоб. жолу өтөт.

АРАБ-ИЗРАИЛЬ СОГУШУ (1948—49), П а л е с т и н а с о г у ш у — араб мамлекеттери (Египет, Иордания, Сирия, Ливан, Сауд Аравиясы, Йемен) м-н Израиль мамлекетинин ортосундагы согуш; 1-дүйн. согуштан кийинки Ж. Чыгыш элдеринин күч алып бараткан улуттук-бошт. кыймылын басууга, *Палестинада* арабдар м-н еврейлердин карама-каршылыктарын курчутууга умтулган империализмдин шимшүүлөрүнүн, о. эле империалисттердин ортосундагы күрөштүн да натыйжасы болгон. 1947-ж. 29-ноябрда Палестинага Англиянын мандатын токтотуу, өлкөнү арабдардын ж-а еврейлердин мамлекеттерине бөлүү ж-дөгү ООНдун Ген. Ассамблеясынын чечиминин ишке ашырылышын үзгүлтүккө учуратуу үчүн Англия м-н АКШ А.-И. с-на тукурушкан. Англия Палестинада өзүнүн позициясын сактап калууну, АКШ андагы өзүнүн таасирин кеңейтүүнү көздөгөн; ушул максатта алар өздөрүнө бир топ араб өлкөлөрүндөгү өкмөттөрдүн көз карандылыгынан ж-а Израилдеги бурж-чыл сионисттердин экстремизминен пайдаланышкан. Согуш 1948-ж. 14-майдан 15-майга караган түнү башталган. А.-И. с. жүрүшүндө АКШдан ж-а айрым импер. өлкөлөрдөн, о. эле сионисттик уюмдардан финанс.-согуштук ж. б. жардамдар алып турган. Израиль аскерлери Палестинанын терр-ясынын бир топ жерин басып алып, 900 миңден ашык араб калкын кууп чыгарган. 1949-ж. февр.— июль айларында Израиль м-н коңшулаш араб өлкөлөрүнүн ортосунда тынчтык келишимдери түзүлгөн. Бирок алар терр-ялык тартыштарды биротоло жеңге салбагандыктан ж. б. себептерден араб өлкөлөрү м-н Израилдин бир катар чыр-чатактары кийин да болгон, к. *Англия-Франция-Израилдин Египетке каршы агрессиясы (1956); Араб өлкөлөрүнө Израилдин агрессиясы (1967).*

АРАБИ-ПАША Ахмед (1814—1911) — 19-к-дагы Египеттеги улуттук-бошт. кыймылга башчылык кылгандардын бири. Теги оокаттуу дыйкандан. Полковник. Англ., франц. ж. б. эзүүлөргө каршы күрөшкө активдүү катышкан. 1881-ж. Каир гарнизонунда «Египет — египеттиктер үчүн!» деген ураан м-н чыккан көтөрүлүшкө жетекчилик кылган. Натыйжада улуттук өкмөт түзүлүп, А.-П. согуш министри (1882) болуп дайындалган. Ошо жылы июль-сент. айларында Египетти басып кирген англиялыктарга каршы күрөшкө башчылык кылган. Египеттиктер жеңилип, А.-П. туткунга алынып, Цейлон аралына айдалган, андан 1901-ж. кайтып келген. Кийин коомдук-саясий иштен оолактап кеткен. А.-П-нын ысмын Египет эли кадырлайт.

АРАВАН — Ош обл-нын Ноокат ж-а Араван р-ндорундагы суу. Кара-Дарыянын алабында. Уз. 102 *км*, алабынын аянты 160 *км²*. Кичи-Алай кырка тоосундагы Кез-Арт мөңгүсүнөн башталып, түндүккө карай агат. Суунун жог. агымы шар, түздүккө чыкканда нугу кеңейип, жай агат. Араван р-нунун аймагында толугу м-н сугатка пайдаланылат. Негизинен мөңгү, кар ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 10,8 *м³/сек*, эң көп чыгымы 21 *м³/сек* (июнда), эң азы 5—6 *м³/сек* (мартта). А-дын жээгинде Эски-Ноокат, Араван ж. б. кыштактар жайгашкан.

АРАВАН (ар. Арабан — арабдар отурукташкан жер деген маанидe; фарс. абу-раван, абу—суу, раван—тунук, тунук суу) — Ош обл-дагы Араван р-нунун борбору, Ош ш-нан 24 *км* бат. тарапта, Араван суусунун боюнда жайгашкан. Ош т. ж. станциясынан 27 *км* аралыкта. 8—9-к-да пайда болгон. Калкы 7831 (1971). Негизинен өзбек (62%), кыргыз (30%), азерб, татар ж. б. жашашат. А-да 2 орто, сегиз жылдык ж-а спорт мектептери, 5 китепкана, мад-т үйү, кинотеатр, р-ндук оорукана, 2 балдар бакчасы, медпункт ж-а элди турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты, пахтачылык б-ча тажрыйба станциясынын филиалы, пахта тазалоочу з-д, РТС ж-а колхоз аралык курулуш уюму бар.

АРАВАН АСКАЛАРЫНДАГЫ ОЙМО-ЧИЙМЕЛЕР — ташка чегилген байыркы оймо-чийме сүрөттөр. Ал Араван суусунун түштүгүндө 25 *км* аралыктагы асканын бетинде. А. а. о.-ч. композициясы ж-а сюжети жагынан 2 топко бөлүнөт. Биринчи топто — көлөмү 2×2 *м* келген жалпак ташта эки аргымактын сүрөтү, экинчи (байыркы) тобунда басып бара жаткан аркарлардын, бейрогун таянып, колун көтөрүп турган эки кишинин селөкөтү түшүрүлгөн. Булардан башка текенин, иттин сүрөттөрү бар. Сүрөттөр кылдат чегилген. Бул оймо-чиймелер стиль жагынан сактардын сүрөт өнөрүнө тектеш.

Ад.: Б е р н ш т а м А. Н., Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая, М.—Л., 1952.

АРАВАН РАЙОНУ — Кыргыз ССРинин Ош обл-на караштуу район. 1935-ж. уюштурулган. Ош ш-нын бат. тарабында. Түштүгүнөн Ноокат, батышынан Кара-Суу р-ндору ж-а түндүгүнөн Өзб-н м-н чектешет. Аянты 600 *км²*. Калкы 49 миңден ашык (1971). А. р-нунда 35 кыштактан турган 5 колхоз ж-а 1 совхоз бар. Борбору — Араван кыш. А. р-нунун жери адырлуу. Түн. бөлүгү деңиз деңг. 500—700, түштүгү 700—1500 *м* бийиктикте. Кен байлыктарынан курулуш материалдары гана белгилүү. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы —2, —3°С, июлдуку 28°С. Жылдык жаан-чачыны 290—300 *мм*. Райондун аймагынан Кыргыз-Ата суусу агып өтөт. Жеринин кыртышы көбүнчө боз топурактуу келип, өсүмдүктөрү жарым чөл зонасына мүнөздүү. А. р-нунда кыргыз, өзбек, орус ж. б. улуттар жашайт. 1 *км²* жерге 81 киши туура келет. Жер фондусу 1263 миң *га* (1972; айдоо аянты 17 миң, бак дарак 563, чөп чабынды 299, жайыт 45 миң, токой 8,1 миң, башка жер 51,7 миң). Элдин негизги кесиби — пахтачылык, пахта өстүрүү б-ча областта көрүнүктүү орун ээлейт (областта пахта аянтынын 1/7, түшүмдүн 1/6 бөлүгү туура келет). Араван кыш-нда пахта тазалоочу ж-а нан з-ддору бар. Жол катнашы жакшы өнүккөн. Райондун борбору Ош, Анжиян ж. б. ш-лар м-н шоссе жолдору аркылуу байланышат. Райондо айылдык профтех. окуу жайы, 14 орто, 10 сегиз жылдык, 6 башталгыч мектеп, 12 клуб, 33 китепкана, 4 оорукана, 3 турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат бар. Райондо 1934-жылдан «Достук» газетасы чыгат.

АРАВАН ПАХТА ТАЗАЛОО ЗАВОДУ Ош обл-нын Араван кыш-нда. Жеңил ө. ж. мин-восуна карайт. Завод була, чигит, пахта тыбытын чыгарат. Ишкана 1939-ж. ишке кирген. Жети жылдыкта (1959—65) анын кубаттуулугу 1,5 эсеге жакын өскөн. Ал өндүрүмдүү пресс, була ж-а тыбыт ажыраткычтар м-н жабдылган. 1958-ж. 6,2 миң, 1973-ж. 11,7 миң *т* була чыгарылды. Заводдогу жумуштар механикалаштырылды ж-а автоматташтырылды. Келечекте пахта тыбытын ажыратуу цехтери кеңейтилип, кургатып-тазалоо цехтери реконструкцияланат. 1980-ж. 13—14 миң *т* пахта буласын чыгаруу белгиленди.

АРАВАН-САЙ ПЛОТИНАСЫ — Араван-Сай д-дагы гидротех. курулуш. Ал Ош обл-нын Араван р-нундагы Араван кыш-нан 3 *км* аралыкта. Плотина 1929-ж. пайдаланууга берилген, уз. 14 *м*, бийикт. 3,5 *м*. Андан 4-партсъезд каналына ж-а майда ички арыктарга суу берилет. Ал секундасына 50 *км³* суу өткөрөт. Плотина суусу м-н 10 миңден ашуун *га* жер сугарылат.

АРАГАЦ (армянча), А л а г ё з (түркчө) — Арм. ССРиндеги Арарат түздүгүнүн түн. жагындагы тоо. Закавказьенин эң бийик бөлүгү (4090 *м*). Тегерек калкан сыяктуу дөмпөйүп, чокусу тик. Чокуларындагы жанар тоо кратерлери мөңгү цирктерине айланган. А. лава ж-а туфтан түзүлгөн. Таштак келген капталдарында кургак талаа өсүмдүктөрү өсөт.

АРАГОН — Түн.-Чыг. Испаниядагы Эбро д-нын алабындагы тарыхый аймак. А-дун терр-ясы 11-к-да Наварра королдугуна кошулуп, 1035-ж. өзүнчө королдук болуп калган. 1137-ж. А-го Барселона графтыгы, кийинчерээк Каталониянын башка жерлери биригет да, барселоналык графтар А-дун королдору болушкан. А-дун королдору Сицилияны (1282—1302), Сардинияны (1325), Неаполду (1442) ж-а бир топ королдуктар м-н графтыктарды баш ийдиришет. 13—14-к-да крепостной укук Каталонияда күчөп, 1489-ж. жоюлду. А-до 17-к-га чейин сакталган. А. королдорунун саясаты кортестер аркылуу аныкталган (ал А-до 1072-ж. пайда болгон). Кортестер феодалдардын мүдөөсүн көздөгөн. А-до дыйкандарга феодалдардын бийлиги толугу м-н сакталган. 15-к-дын 2-жарымында (1479) А. Кастилия королдугуна кошулуп, бирдиктүү мамлекет түзүлгөн.

АРАГОНИТ (Испаниядагы Арагон деген жердин атынан) — карбонаттар классындагы минерал. Хим. формуласы $Ca[CO_3]$. *Ромб системасында* кристаллданат. Жер бетиндеги геол. тышкы процесстерге туруксуз келип, *кальцит* минералына өтүп кетет. Өңү түссүз, ак, кээде ачык жашыл, кызгылтым көк. Айнек сымал жылтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3,5—4; салышт. салм. 2,95. Интрузия тоо тектеринин миндалдарында ж-а минералдуу арашан сууларынын чөкмөлөрүндө кезигет. Өңү кубулган берметтер м-н акактардын көпчүлүк бөлүгү А-тен турат.

АРАГУАЯ — Бразилиядагы дарыя, Токантинс д-нын сол куймасы. Уз. 2630 *км*. Орточо кеңд. 1600 *м*. Бразилия бөксө тоосунан башталып, түндүктү карай агат. Төмөнкү агымында эки өзөнгө (Брасу-Майор ж-а Брасу-Менор) бөлүнүп, уз. 300 *км*, туурасы 75 *км* келген дүйнөдөгү эң чоң дарыя аралын (Бананал) пайда кылат. Жамгыр мезгилинде суу ташкындап (ноябрь — март), кышкы кургакчылык мезгилде (июнь — сент.) тартылат. Ортоңку агымында (1300 *км* аралыкта) кеме жүрөт.

АРАД — Румыниянын батышындагы шаар. Муреш д-нын боюнда жайгашкан. Арад у-нин админ. борбору. Калкы 137,0 миң (1970). А.— маанилүү трансп. тоому, өлкөнүн ири ө. ж. борбору. Машина куруу (вагон, станок), кездеме токуу, тамак-аш ө. ж. өнүккөн. Бут кийим, мебель, хим. буюмдар, курулуш материалдары чыгарылат.

АРАЙС-БЕРЦЕ Август Юрьевич [20. 3(1. 4). 1890—11. 6. 1921] — латыш жазуучусу ж-а коомдук ишмер, коммунист. Бир нече жолу камалып, сүргүнгө айдалган. 1919-жылдан Латвия компартиясынын Борб. Комитетине мүчө ж-а Сов. Латвиянын социалдык камсыздоо наркому болгон. А.-Б. 1920-ж. коммунисттик подпольеде иштөө үчүн Ригага жашыруун түрдө кайтып келет. 1921-ж. камакка алынып, Рига түрмөсүндө өлтүрүлгөн. А.-Б-нин «Менустун өлүмү» аттуу белгилүү аңгемеси (1921) ревянын баатырлары ж-дө баяндайт. «Кызыл жол» ж-а «Аңгемелер» деген жыйнагы 1922-ж. Псковдо жарык көргөн.

Чыг.: Смерть Менуса, Рига, 1948.

АРАЙЯ Франческо (25. 6. 1709—1770) — италиялык композитор. Неапол консерваториясында окуган. 1735—59 ж-а 1762-жылдарда Россияда сарай капельмейстери ж-а композитор болуп иштеген. А-нын Петербургда коюлган «Сүйүү күчү жана жек көрүү» операсы Россиядагы биринчи ири опералык спектакль болгон. 1755-ж. коюлган А-нын «Цефал жана Прокрис» операсы — орус авторунун оригиналдуу текстине жазылган (А. П. Сумароков) биринчи опера. Бул спектакль орус опералык труппасынын жаралышына негиз болгон. А-га «Артаксеркс», «Титовдун ырайымдуулугу» ж. б. опералар таандык. А. кантаталар, сонаталар ж. б. чыг-лар да жазган.

Ад.: Г о з е н п у д А., Музыкальный театр в России. От истоков до Глинки, Л., 1959.

АРАК — таза этил спирти м-н суунун аралашмасынан турган алкоголь ичкилик. Россияда А. 14-к-дын аягынан тартып чыгарыла баштаган. Кыргыздар да илгери кымыздан А. (чагырмак) тартуу жолун билишкен. СССРде чыгарылуучу А-тын спирттик көлөмү 40, 50 ж-а 56%. А-ты даярдоодо суу м-н спирттин аралашмасы активдештирилген көмүрдөн өткөрүлүп, чыпкаланат. Жыттуу чөптөн, дандан, тамыры жемиш өсүмдүктөрдөн ж-а татымдуу заттардан даярдалган шире кошулганда, ар түрдүү тундурмалар (настойка, жалбыз, анис, калемпир ж. б. кошулган А.) даярдалат. А-тын башка түрлөрү ачыткан таттуу суюктуктарды буулантуу жолу м-н жүзүмдүн ширесинен (жүзүм А-гы), чие ширесинен (чие А-гы) алынат. Бал камыш ачыган ширесин буулантуу м-н ром жасалат. Коньяк, виски да А-тын түрүнө кирет.

АРАКЕТ — энергияны убакытка көбөйткөндөгү көбөйтүндүсү м-н туюнтулган ж-а мех. системасынын кыймылынын негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири катарында алынуучу физ. чоңдук. А-тин чоңдугу 2 жол м-н — системасынын кыймылын мүнөздөөчү кандайдыр функциянын анык интегралы түрүндө же бул кыймылды туюндуруучу кандайдыр дифференциалдык теңдеменин толук интегралы катарында аныкталат. А. ж-дөгү түшүнүк классикалык механикада гана колдонулбастан, физиканын башка бөлүмдөрүндө да, *серпилгичтик теорияда*, электродинамикада, *термодинамиканын* кайталанма процессинде ж-а *кванттык механикада* колдонулат.

АРАКЕЧТИК — спирттүү ичкиликтерди такай ичкенден, ага ашкере ынтаа койгондон пайда болуп, адамдын психикасынын, дене жагынан өсүшүнүн ж-а социалдык мамилесинин бузулушуна алып келүүчү оору. Ичкилик ичүү байыркы замандан бери эле белгилүү: адегенде жүзүмдөн жасалган вино, кийинчерээк арак түрүндө спирттик ичимдиктер ичиле баштаган. Байыркы грек врачы Гиппократ А-ти «атайын билип туруп, өзүн жинди кылуу» деген. Спирттик ичкиликтерди көп ичүү адамдын моралдык жактан төмөндөшүнө алып келет. Мастыктын натыйжасында автотранспорттордо авариянын көп болору белгилүү. Арак адамдын организмине олуттуу зыян келтирет. А-тин башталгыч баскычында көп ичкен адам өзүн алдуу-күчтүү, мурдагыдай эле ишке жарамдуу сезет, бирок аз өлчөмдөгү эле алкоголдон шайы оол, акыл эмгегине жарамдуулугу төмөндөп кетерин эксперименттик изилдөөлөр далилдөөдө. Спирт ичкиликтери адамдын бүт организмине, органдарына, биринчи иретте эң маанилүү борб. нерв системасына (мээге) терс таасир берет. Ичилген арак кан аркылуу бүт денеге тарап, мээнин клеткаларын дүүлүктүрөт да, адамдын көңүлүн убактылуу көтөрүп, жайдары кы-

лып, дагы ичкисин келтирет. Өтө көп ичкенде ууланган мээ клеткаларынын иши начарлап, шал боло баштайт да, адам айланасында эмнелер болуп жатканын жакшы сезе албай, ар түрдүү кылмыштуу иштерди жасайт. Спирт ичкиликтерин узак убакыт үзбөй ичип жүргөн адамдын активдүүлүгү, демилгелүүлүгү төмөндөп, жумушка жарамдуулугу кескин начарлайт, ынтызарлыгы өчүп, кайдыгер боло баштайт, моралдык сапаттары төмөндөйт, эңсегени эле ичкилик болуп калат. Өнөкөткө айланган А. адамдын психикалык ооруларынын ичинен кеңири таралганы — «ичкилик буулукмасы» деп аталуучу коркунучтуу дартка чалдыктырат. Коркуу сезиминен жүдөп, уйкусу качат, айланасындагы адамдар ага жамандык издеп жаткандай сезилет, көзүнө коркунучтуу нерселер көрүнүп, кулагына ар түрдүү жаман сөздөр угулгансыйт. Мындай учурларда ал өзүн-өзү өлтүрүп же айланадагы адамдарга коркунуч туудурушу мүмкүн. А-ти толук дарылап айыктыруу үчүн атайын психоневрологиялык диспансерлер иштейт. КПСС БК ж-а СССР Мин. Совети «Аракечтикке ж-а масчылыкка каршы» 1972-ж. 15-майда атайын токтом кабыл алып, анда масчылыкка каршы күрөштүн ачык-айкын чараларын белгиледи.

АРА-КӨЛ — Нарын обл-нын Кочкор р-нундагы Чолпон сельсоветине караштуу кыштак. «Чолпон» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кочкордон 29 *км* түш.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 89 *км*. Калкы 936 (1973). Клуб, мектеп, медпункт бар.

АРА-КӨЛ — Ош обл-нын Өзгөн районундагы Октябрь сельсоветине караштуу кыштак. Кырг-ндын 50 жылдыгы атн. с-здун аймагында. Өзгөн ш-нан 48 *км* түн.-чыг. тарапта. Улуу-Чат суусунун сол жээгинде. Калкы 583 (1974). Орто мектеп бар.

АРАКС — Закавказьедеги Кура д-нын эң ири оң куймасы. Уз. 1072 *км*, алабынын аянты 102 миң *км*^{2}. Түркиянын тоолорунан башталып, Арарат түздүгү аркылуу Кура-Аракс ойдуңуна чыгат. Суунун жылдык орт. чыгымы төмөнкү агымында 218 $м^3/сек$. Негизги куймалары: Ахурян, Раздан (Занга), Арпа, Воротан, Котур, Кара-су. А. кар суусунан, булактардан ж. б. куралат. Сугатка кеңири колдонулат. СССР м-н Ирандын келишимине ылайык (1970) гидротех. комплекс курулуп жатат.

АРАКЧЕЕВЧИЛИК — ашынган реакциячыл полициялык деспотизм ж-а жөнү жок аскерлештирүү саясаты; мындай саясатты орус падышалары Павел I м-н Александр I мезгилиндеги кокустан бийликке жеткен граф А. А. Аракчеев жүргүзгөн. Анын режими армияда тартипти таяктын күчү м-н кармоого, ар кандай ааразылык көрсөтүүнү аёосуз түрдө басууга, ишти майда-чүйдөсүнө чейин чектөөгө негизделген. Ошондон улам «А.» деген түшүнүк коомдун ички турмушундагы зордук-зомбулукту ж-а полиция методдорун мүнөздөөчү ылакап сөзгө айланган.

АРАЛ — Казак ССРинин Кызыл-Ордо обл-дагы Арал р-нунун борбору (1968-жылдан бери), т. ж. станциясы ж-а порт шаар. Арал деңизинин түн.-чыгышындагы Сарычыганак булуңунун жээгинде. Калкы 37,7 миң (1970). Оренбург — Ташкен т. ж-нун курулушуна байланыштуу 1905-ж. негизделген. Балык комбинаты, кеме оңдоочу ж-а май з-ддору иштейт.

АРАЛ — Нарын обл-нын Жумгал р-нундагы Кабак сельсоветине караштуу кыштак. Чаек—Миң-Куш, Чаек—Суусамыр жолдорунун тоомунда, *Көкөмерен* м-н *Жумгал* сууларынын кошулган жеринде. Р-ндун борбору Чаектен 18 *км* түш.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 198 *км*. Калкы 156 (1973). Башталгыч мектеп, клуб, китепкана, медпункт ж-а ДЭУ бар.

АРАЛ — Нарын обл-нын Тогуз-Торо р-нундагы Атай сельсоветине караштуу кыштак. «Бирдик» к-зунун борбору. Р-ндун борбору Казармандан 18 *км* бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 428 *км*. Калкы 1000 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, төрөт үйү бар.

АРАЛ — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нундагы Жаңы-Жол сельсоветине караштуу кыштак. «Жаңы-Жол» с-зунун аймагында. Кара-Сууга Молгалды суусу куйган жерде жайгашкан. Р-ндун борбору Каравандан 50 *км* түн.-чыг. тарапта, Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 40 *км*. Калкы 1143 (1974). Орто мектеп, оорукана, клуб бар.

АРАЛ — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы Эски-Ноокат сельсоветине караштуу кыштак. Чапаев атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 4 *км* түн. тарапта, Ош ш-нан 43 *км*. Чили-Сай м-н Кыргыз-Ата сууларынын кошулган жеринде жайгашкан. Калкы 1118 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

АРАЛ — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Кара-Дарыя сельсоветине караштуу кыштак. Фрунзе атн. к-здун борбору. Р-ндун борбору Сузактан 30 *км* түш.-бат. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 55 *км*. Калкы 2168 (1974). Пахта кабыл алуу пункту, орто ж-а сегиз жылдык мектеп, 2 клуб, 2 китепкана, төрөт үйү ж-а медпункт бар.

АРАЛ — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Сузак сельсоветине караштуу кыштак. «Москва» к-зунун аймагында. Көк-Арт суусунун жээгинде. Р-ндун борбору Сузактан 4 *км* түш. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 15 *км*. Калкы 565 (1970). Сегиз жылдык мектеп, төрөт үйү бар.

АРАЛ — Ош обл-нын Токтогул р-нундагы Жаңы-Жол сельсоветине караштуу кыштак. Бөкөнбаев атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Токтогулдан 7 *км* түн. тарапта, Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 145 *км*. Калкы 330 (1974).

АРАЛ — Сокулук р-нундагы Сокулук сельсоветине караштуу кыштак. 21-партсъезд атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Сокулуктан 5 *км* түн.-бат. тарапта, Шопоков атн. т. ж. станциясынан 7 *км*. Калкы 1075 (1973). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, балдар бакчасы, медпункт бар.

АРАЛ — Талас р-нундагы Арал сельсоветине караштуу кыштак. «Коммунизм» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Таластан 38 *км* түн.-чыг. тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 158 *км*. Калкы 1641 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АРАЛ, Акпай — Киров р-нундагы Кайыңды сельсоветине караштуу кыштак. «Кайыңды» с-зунун борбору. Р-ндун борбору Кировдон 75 *км* түн.-чыг. тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 65 *км*. Калкы 1587 (1973). Орто мектеп, медпункт бар.

АРАЛ — Ысык-Көл обл-нын Түп р-нундагы Арал сельсоветине караштуу кыштак. 22-партсъезд атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Түптөн 16 *км* чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 203 *км*. Калкы 798 (1971). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

АРАЛ ДЕҢИЗИ — СССРдин азиялык бөлүгүнүн түш.-батышындагы туздуу көл. Деңиз деңг. 53 *м* бийиктикте. Аянты 64,5 миң *км*^{2}. Деңиздин эң узун жери 428 *км*, туурасы 235 *км*, суунун орт. көлөмү 1000 *км*^{3} ге жакын. А. деңизинин чуңкурдугу плиоцендин аягында жер катмарынын бүгүлүшүнөн пайда болгон. Деңиздин түбү түзөң, орт. тереңд. 20—25 *м*, эң терең жери 67 *м*. Деңиздин жалпы аянтынын 3,5% ээлеген 300дөн ашык арал бар. Ирилери: Көк-Арал, Барса-Келбес, Возрождение. Түн. ж-а чыг. жээктеринде булуңдар ж-а аралдар көп. Түш. жээгин Аму-Дарыянын жайылмасы түзөт. Бат. жээгинде булуң-буйткалар аз. Бул тарабында жээк бийикт. 250 *м* келген Үстүрт платосу м-н туташып кетет. Деңизге О. Азиядагы эң ири дарыялар Аму-Дарыя ж-а Сыр-Дарыя куят. Климаты континенттик, абанын орт. темп-расы жайында 24—26°С, кышында —7°Сден —13,5°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 100 *мм* чамасында. А. д-нин суу балансалары: жаан-чачын 5,9 *км*^{3}, материктик агым 54,8 *км*^{3}, буулануу 60,7 *км*^{3}. Деңиз деңгээлинин сезондук орт. өзгөрүшү 25 *см*, көп жылдыгы (кылымдык) 3 *м* ге чейин. Аму-Дарыя м-н Сыр-Дарыянын суусу сугатка кеңири пайдаланылгандыгына байланыштуу деңиз деңг. 2,1 *м* төмөндөдү. Суунун үстүңкү катмарынын темп-расы жайында 26—30°С, кышында 0°Сден төмөн. Тузд. 10—14‰. Шип, турта, акмарка (ак балык), каңылтыр ж. б. балыктын түрлөрү бар. Кеме катнашы 7 айга чейин созулат. Негизги порттору: Арал ж-а Мойнок.

А. И. Бутаков 1848—49-ж. А. д-нин изилдеп, аны картага түшүргөн. Совет бийлигинин тушунда А. д. системалуу түрдө изилденип, «Арал проблемасына» өзгөчө көңүл бурулууда.

АРАЛ ЖААЛАРЫ — океандардын чет жактарында жаа сыяктуу имерилип, бири бирине жанаша жайгашкан аралдардын тобу. Алар азыркы кездеги *геосинклиналдарга* кирет да, жаш ж-а жетилген деп экиге бөлүнөт. Жаш түрү *палеоген, неоген* ж-а *антропоген мезгилдериндеги* жанар тоо тектеринен түзүлгөн чачкын майда аралдардан турат. Мис.: Марман, Меланезия а-дары ж. б. Жетилген түрүнө геосинклиналдык өнүгүү процессинин бир нече циклдерине дуушар болгон бүктөлүү зоналарынын толук ката элек бөлүктөрү кирет. Буга Камчаткадан Жаңы Гвинеяга чейинки аралдарды кошууга болот.

АРАЛ СВИТАСЫ — Түп. Тянь-Шань бүктөлүү аймагындагы девон мезгилинин жанар тоо тектеринен ж-а кызыл түстүү чөкмөлөрүнөн турган катмарлар. 1959-ж. Т. А. Додонова аны өзүнчө геол. свита катары бөлүп, Арал өрөөнүнүн аты м-н атаган. Свита Арал өрөөнү м-н Кастек кырка тоосунда кеңири таралган. А. с. негизинен базальт м-н андезит-базальттан турат. Кээде алардын арасында кызыл түстүү туфоген кумдугу, туф, туфоконгломераттын катмары кезигет. А. с-нын жалпы калыңд. 1200 *м* ге жетет. А. с. үчүн ири лейстүү порфир түзүлүштөгү андезит-базальттардын ж-а трахиандезиттердин болушу мүнөздүү. Мында талаа шпатынын ар тарапка багытталган ири лейстери тоо тектерге өзгөчө тышкы көрүнүштү берип турат. Ушундай көрүнүшү м-н алар А. с. үчүн *маркирлөөчү горизонт* болуп эсептелет. Свитада начар сакталган өсүмдүктөрдүн калдыгы табылган.

АРАЛАШ ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕР — минералдык ж-а орг. жер семирткичтердин жөнөкөй аралашмалары. Мындай кошундулар а. ч. өсүмдүктөрүнүн сапатын жакшыртып, түшүмдүүлүгүн жогорулатат. Чачуу кыска мөөнөттүн ичинде бүтүп, аз эмгек сарп кылынат. Көп учурда семирткичтердин составына өсүмдүктөр дайыма керектөөчү азот, фосфор, калий элементтери көп орг. же минералдык семирткичтер кошулат. Айрым учурда микроэлементтер, ө. ж. ишканаларынын калдыктары (пахта тобунун, шроттун талкаландысы, балык, кан уну ж. б.) кошулуп даярдалат. Бирок аралашманы даярдаган кезде, семирткичтердин айрым түрүндө реакция жүрүп, сапаты начарлап кетиши мүмкүн. Мында семирткичтердеги өсүмдүктөргө керектүү заттар азайып, жалпы физ. касиети начарлайт. Мис., аммиак, натрий, кальций селитраларын суперфосфат м-н аралаштырганда, азот окиси бөлүнүп чыгат да, практикалык маанисин жоготот, аралашма илээшчек массага айланат. Суперфосфаттын кычкылдуулугун аки таш, доломит, бор, сөөк уну м-н нейтралдайт. Мында аралашманын физ. касиети өзгөрбөйт ж-а коромжуга учурабайт. Аммонийлүү суперфосфат аммиак селитрасы м-н каалаган өлчөмдө аралаштырыла берет. А. ж. с. азык заттарын өсүмдүк керектешине ж-а топурак өзгөчөлүктөрүнө жараша даярдалат. Ал Кырг-ндын а. ч-да кеңири колдонулууда.

АРАЛАШ КӨБӨЙТҮНДҮ — биринчиси эки вектордун вектордук көбөйтүндүсүнөн ([а, в]), экинчиси с векторунан турган эки вектордун скалярдык көбөйтүндүсү. а, в, с векторлорунун аралаш көбөйтүндүсүнүн сан мааниси ал векторлор аркылуу түзүлгөн параллелопипеддин көлөмүнө барабар болот. Көбөйүүчүлөрдү циклдүү орун алмаштырсак, А. к-нун белгиси өзгөрбөйт, тескерисинче болгондо, белгиси карама-каршысына өзгөрөт.

Ад.: Ильин В. А., Позняк Э. Г., Аналитическая геометрия, М., 1968.

АРАЛАШ САН — бүтүн ж-а бөлчөктөн түзүлгөн сан. Мис., $7\frac{3}{5}$, $-6\frac{4}{7}$ ж. у. с. Ал кээде аралаш бөлчөк деп да аталат, к. *Сан.*

АРАЛАШ ТАМАКТАНДЫРУУ, к. *Эмчектеги бала.*

АРАЛАШ ТАШУУ — жүктү, жүргүнчүнү ар түрдүү транспорт м-н биргелешип ташуу. СССРде ж-а соц. өлкөлөрдө А. т. мамл. пландын негизинде жүргүзүлөт. Капит. коомдо түрдүү транспорттун ортосундагы карама-каршылык А. т-нун өнүгүшүнө тоскоолдук кылат. А. т-да маршруттун аягына чейин жүк үчүн бир документ жазылып, бир транспорттон 2-транспортко чогуу өткөрүлөт. Ташууга катышкан транспорт мекемелери жүктү өз убагында ж-а толук жеткирүүгө жоопту. Мурда А. т. темир жол м-н суу транспортунун ортосунда кеңири колдонулса, азыр темир жол-автомобиль, суу-автомоб. ж-а аба-автомоб. транспортторунда көп таркады. А. т. транспорт мекемелеринин графиги б-ча жүргүзүлөт.

АРАЛАШ ТИПТЕГИ ТЕҢДЕМЕЛЕР, к. *Теңдеме.*

АРАЛАШ ТОКОЙ — ар түрдүү тукумдагы дарактан турган токой. Анда кайсы дарак басымдуулук кылса, ошол негизгиси болуп, калганы аралаш даракты түзөт. А. т-догу ар бир тукумдагы дарактын аянты ондук үлүш м-н, аты баш тамга м-н белгиленет. Мис., 10К — жалаң карагайлуу токой, 6К4А—мында аралаш токойдун ар гектарынын 0,6 үлүшүн карагай, 0,4 үлүшүн арча ээлейт. Аралаш токойдун составы көз өлчөө м-н же атайын таксилөө аркылуу чечелет. Жаратылышта А. т. көп кездешет, азыр кол м-н да тигилип жатат.

АРАЛАШ ТОЮТ — ил. сунушка ылайык даярдалуучу тоют аралашмасы. Анын 3 түрү бар: алар толук рациондуу, аралаш жем, белоктуу — витаминдүү кошунду. А. т-тун составында 5—8 компонент: арпа, буудай, күнжара, жүгөрү, саман-топон, витаминдүү чөп уну, антибиотик, туз болот. А. т. СССРдин а. ч. мин-восу бекиткен рецепт б-ча жасалат. Бул тоют малдын түрүнө, жашына, чарб. маанисине, кунардуулугуна жараша өлчөм м-н берилет.

АРАЛАШ ТОЮТ ӨНӨР ЖАЙЫ — ө. ж-дын аралаш тоют, белоктуу-витамин кошундусун даярдоо тармагы. Ал СССРде 1-беш жылдыкта түзүлүп, өнүгө баштады. 1970-жылдын 1-январында СССРде 530дан ашык аралаш тоют заводу ж-а цехи болгон. Кырг-нда аралаш тоют чыгаруу 1960-ж. уюштурулуп, жерг. тоют улам көбүрөөк пайдаланылып жатат. 1966-ж. 122 миң *т*, 1970-ж. 180 миң *т* аралаш тоют чыгарылган. 1973-ж. колхоздор м-н совхоздордо 23 миң *т* белоктуу-витаминдүү тоют аралашмасы камдалды. Азыркы кезде даярдоо минвосунун системасында өндүрүштүк кубаттуулугу суткасына 745 тонналык 6 аралаш тоют заводу ж-а цехи иштейт. 1972-ж. респ-кабыздын чарбалары 850 миң *т* аралаш тоют керектесе, 1975-ж. 1480 миң *т* керектелмекчи, анын 300 миң *т* сы мамл. аралаш тоют з-ддорунда, калган бөлүгү чарбалардын өзүндө даярдалмакчы.

АРАЛАШ ЧЕРТМЕ — күүлөрдү, обондорду чертүүдө пайдаланылчу ыкманын бири. А. ч-нин бардык комузчулардын репертуарынан жолуктурабыз. А. ч-гө комузчунун оң колунун бардык манжалары катышат да, бир эле мезгилде «кол ойнотмо», «терип чертме», «чымчып чертме» өңдүү бир нече ыкмалар колдонулат. А. ч-де күү же обон мукамдуу, уккулуктуу келип, көркөм кайрыктарга, үндөшүүлөргө бай болот.

АРАЛАШ ЭГҮҮ — эки же андан көп өсүмдүктү аралаш өстүрүү. Кырг-нда бир эле мезгилде жүгөрү м-н буурчакты, көп жылдык чөп, беде м-н дан эгиндерин А. э-гө, мөмө багынын арасына жашылча ж-а башка өсүмдүктөрдү өстүрүүгө болот. Мис., бедени дан эгиндери м-н аралаш эккен жылы эгиндин түшүмү 1,5—2 эсе арбыйт, беде бир чабылып, экинчи жылы гектарынан 100—120 *ц* түшүм берет. А. э. жашыл массанын сапатын, топурактын асылдуулугун жогорулатат. Көп жылдык чөптөрдүн үрөнү негизги өсүмдүк эгилгенден кийин себилет.

«АРАЛАШ ЭКОНОМИКА» ТЕОРИЯСЫ — реформисттик теория. Мамл. монополиялык капитализм мезгилинде мамлекет монополиялык капиталдын мүдөөсүн көздөп, чарбага кеңири кийлигишкенден тартып түрдүү бурж. ж-а реформисттик теориялар пайда боло баштаган. Алардын бири — «А. э.» т. Бул теория б-ча азыркы капит. чарба мамл. ж-а жеке секторлордон түзүлөт. Келечекте капитализмдин ордун басуучу коомдун экон.

структурасы: мамл., кооперативдик ж-а жеке менчик болуп 3 укладдан турат. Андай коом, реформисттердин пикири б-ча, демокр. социализм деп аталмак да, мамл. секторго бурж. мамлекеттин карамагындагы ө. ж. ишканалары, алардын бир топ комплекси, толук мамлекеттештирилген ө. ж. тармактары кирмек. Бул секторду реформисттер бүт коомго тиешелүү ж-а коомдун ар бир мүчөсүнүн кызыкчылыгы үчүн пайдаланылуучу менчик деп далилдөөгө аракеттенет. Кооперативдик секторду, капиталдын кысымына каршы түзүлгөн түрдүү керек-жарак коомдорунун, жумушчу ж-а кызматкерлер бирикмелеринин, профсоюздардын ж. б. коомдук уюмдардын менчиги түзөт. Жеке менчик сектор «аралаш экономиканын» 3-элементи. Реформисттердин пикири б-ча бул сектор ар дайым сакталышы керек. Бул теориянын түпкү мазмуну эмгекчилерди жумушчу кыймылынан алаксытууга, капит. түзүлүштү сактап калууга багытталат.

АРАЛБАЕВ Абдылда (1891, Пржевальск у., Нарын участкасы, Куланак айылы — 1968, Нарын обл., Тянь-Шань р-ну, Куланак кыш.) — кыргыз совет педагогу, Кыргыз ССРинин эмг. сиң. мугалими (1941), 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. А. Токмоктогу мугалимдерди даярдоо курсун (1918) бүтүргөн. 1918—55-ж. Тянь-Шань р-нундагы Куланак орто мектебинде башталгыч класстарга 44 жыл үзгүлтүксүз сабак берген. А.— кыргыз мектептеринин 2-класстары үчүн «Эне тили» окуу китебинде авторлош. Эл агартуу ишине сиңирген эмгеги үчүн 2 Ленин ордени, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

АРАЛДАР — бардык жагынан суу м-н курчалган, материкке салыштырганда кичине кургактыктар. А-дын үлүшүнө жер шарынын аянтынын 9,9 млн. *км²* ге жакыны туура келет. Аянты бир нече жүз миң *км²* ге жеткен эң ири (Гренландия, 2176 миң *км²*; Жаңы Гвинея, 229 миң *км²* ж. б.) А. м-н катар 1 *км²* ден кичине А. бар. А. жайгашышы б-ча деңиздик, океандык, колдук ж-а дарыялык болуп бөлүнөт. Пайда болушу б-ча А. материктик ж-а өз алдынча болуп экиге бөлүнөт. Биринчилери материктен бөлүнүп, жээктерин суу капташынан келип чыгат да, геол. түзүлүшү ж-а рельефи жагынан материктерге окшош келет. Материктик А-га жээк, шельф А. кирет. Өз алдынча А-га деңиз түбүндө жанар тоолордун атылуусунун негизинде пайда болгон А. (мис.: Гавай, Вознесения ж-а Коралл а-дары) кирет. А. жеке-жеке, топ-топ ж-а тизмек болуп жайгашат.

АРАЛИЯЛАР (Araliaceae)—эки үлүштүү өсүмдүктөр классына кирүүчү тукум. Булар — даректар, бадалдар, лианалар ж-а кээ бирлери көп жылдык чөптөр. Жалбырагы жөнөкөй, сабагында кезектешип же тушташ жайгашат. Мөмөлөрү жемиш сымал, айрымдары данектүү. А. тукумунун 70тен ашык уруусу ж-а 850гө жакын түрү белгилүү. Алар тропиктик өлкөлөрдө, негизинен, Инди-Гималай аймагында, кээ бири Түн. Америкада, Чыг. Азиянын мелүүн р-ндорунда кездешет. СССРде анын бир нече түрлөрү өсөт, алар 7 уруугa бириген. Алардын ичинде кооздук ж-а дарылармек үчүн өстүрүлүүчүлөрү бар. Айрымдарынын жыгачы сары, наардуу, жеңил, оңой жылмакайланат. Сапаттуу болгондуктан, мебель жасоодо пайдаланылат. Кырг-нда А-дын түрлөрү оранжереяларда, үйдө өстүрүлөт.

АРАЛ-САЙ — Ош обл-ныи Сузак р-нундагы «Ырыс» сельсоветине караштуу кыштак. Ленин атн. к-здун борбору. Р-ндун борбору Сузактан 4 *км* бат. тарапта. Жалал-Абад ш-ныи түн.-бат. тарабында жайгашкан. Калкы 792 (1970). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

АРАЛ-ТАШКӨМҮР ОБЛАСТЫ— Арал деңизинен тартып Чаткал ж-а Курама тоо кыркаларына чейинки аралыкта жайгашкан көмүрлүү аймак. Көмүр кендери юра мезгилинде пайда болгон кумдук, конгломерат, аргиллит, сланец, мергель, алевролит сыяктуу тоо тектердин катмарлары м-н байланышкан. Аймактын түш.-чыг. бөлүгүндө Ангрен, Бат. Ангрен, Чырчык-Пскем, Каран-Көл, Чучук-Алмалы ж-а Кызыл-Тал көмүр кендери, чыг. бөлүгүндө Ленгер көмүр кени жайгашкан. Алардын көбү союздук маанеге ээ болуп, негизинен, О. Азия м-н Каз-нды көмүр м-н камсыз кылууда чоң роль ойнойт.

АРАЛЧА ТООЛОР, орток тоолор — түздүктөрдөн оркоюн көтөрүлүп турган тоо же чакан кырка тоо. Бөксө тоолордун талкаланышынан, кээде жанар тоолордон да пайда болуп, бекем, чулу тоо тектерден турат. Африкада, Бразилияда, Мексикада, АКШда, Борб. ж-а О. Азияда кезигет. Кырг-нда А. т. тибине Ош обл-дагы Сулайман, Чил-Устун, Чил-Майрам; Арпадагы Кароол-Дөбө (Дөбө-Таш) ж. б. тоолор кирет.

АРАЛЫК — кандай объектилер үчүн аныкталып жаткандыгынан көз каранды болгон геом. түшүнүк. Мис., 2 чекиттин арасындагы А. деп аларды туташтыруучу түз сызыктын кесиндисинин узундугун алсак, анда чекиттен түз сызыкка (тегиздикке) чейинки А. берилген чекиттен түз сызыкка (тегиздикке) түшүрүлгөн перпендикулярдын кесиндисинин узундугу болот. Жарыш 2 түз сызыктын арасындагы А.— ал түз сызыктарга түшүрүлгөн жалпы перпендикулярдын кесиндисинин узундугу болот.

АРАЛЫК МЭЭ, к. *Мээ*

АРАЛЫК ЧЕНЕГИЧ — аралыкты ченебестен эле аныктоочу аспап, А. ч. аралыкты оптиканын жардамы м-н автоматтык түрдө жог. тактыкта көрсөтөт. Оптикалык А. ч. м-н аралыкты аныктоо бир жагы *(AB)* белгилүү болгон (к. чийме) тең капталдуу үч бурчтуктун *(ABC)* бийиктигин табуу маселесине негизделген $\left(a=\frac{AB}{\Delta}\right)$.



Ал артиллерияда, фотоаппараттарда ж-а геодезияда колдонулат. Аралыкты радио ж-а жарык толкундарынын таралыш ылдамдыгы б-ча да аныктоого болот. Бул куралдар радио ж-а жарык А. ч. деп аталат. Алар *астрономияда*, геодезияда *(триангуляцияда* ж. б.) пайдаланылат.

АРАМ ӨРДӨКТӨР (Podicipediformes) — канаттуулардын түркүмү. А. ө-дүн мойну узун, жүнү жыш, канаттарынын арасында ак күбү бар, чалгындары кыска. Тумшугу учуу ж-а түз, көздөрүнүн ортосу кара күрөң келип, айланасы кызгылт, ошон үчүн эл аны «шуру көз» деп да коёт. Денесинин уз. 60 *см* гө жетет, түзүлүшү суууда сүзүүгө ылайык, кургакта жүрө албайт. Шыйрагы каптал жактарына жакын, манжасынын салаалары жаргакча м-н бириккен. А. ө. түркүмүнүн 4 уруугa бириккен 18 түрү белгилүү, алар жер шарынын бардык р-ндорунда (Арктика м-н Антарктикадан башка) таралган. А. ө-дүн чоң (кер же көк жаак, кара же кызыл моюн) ж-а кичине түрү бар. Эркеги (кайырмасы) өлөндүү же камыштуу тайыз суунун жээктерине балыр чөптөрдөн сууда калкуучу бир нече уя жасайт. Ургаачысы (соносу) уянын бирине 3—8 жумурка туун, кайырмасы м-н соносу алмак-салмак басат. Балапандары 25 күндөн кийин чыгат. Алар сууда жашаган майда балыктар, түрдүү омурткасыз жаныбарлар м-н азыктанышат. А. ө-дүн эти желбейт, «арам өрдөк» аталып калышы ошондон.

АРАМЕЙ ЖАЗУУСУ — б. з. ч. 9-к-да семит урууларынын бири — арамейлер чыгарган алфавиттик жазуу. Финикия жазуусунун негизинде пайда болуп, үнсүз тыбыштар гана берилген. А. ж. 8-к-дын аяк чөнүнөн баштап Ассирияда кеңири колдонулган, 6—4-к-да К. Азиядан Индияга чейин тараган. Байыркы эстеликтери б. з. ч. 9—8-к-га таандык. А. ж-нан сирия несториан, еврей, араб, пехлеви, байыркы уйгур, байыркы монгол ж. б. жазуулары келип чыккан.

АРАМЕЙ ТИЛИ семит тилдеринин тобуна кирет. Бул тилдеги байыркы жазма эстеликтер б. з. ч. 9—8-к-га таандык. А. т. арамейлердин байыркы мекени — Сирия ж-а Месопотамиядан бүткүл Ж. Чыгышка таралып, финикия, еврей, моавит, аккад тилдерин сүрүп чыгарып, ордун ээлеген. А. т-деги ад-ттын көпчүлүгү диний чыг. (мис., Библия ж-а Талмуддун айрым

белүмдөрү) болгон. А. т. арабдар басып алгандан кийин колдонулбай калды. А. т-нин азыркы диалектилери (малула), борбордук (турайо) бат. ж-а чыгыш (ассириялык) болуп үчкө бөлүнөт.

АРАМЕЙЛЕР, арамей ликтер— Араб ж. а-ын мекендеген көчмөн семит уруулары. Б. з. ч. 14-к-да Сирия чөл талаасына ж-а Ортонку Евфратка чейин кирип келишкен. Б. з. ч. 12—11-к. Алдыңкы Азиянын бардык жерлеринде жашаган. Бир катар жерлерде (мис., Иордан д-нын чыг. жагындагы) отуруктаса башташкан. Б. з. башынан тартып арамей тили (семит группасына кирет) Алдыңкы Азиянын негизги тили болуп калган. А. жашаган айрым кыштактар Сирияда ушу кезде да бар. Азыркы ассириялыктар А-дын тукуму болуп саналат.

АРАНЖИРЛЕШТИРҮҮ (фр. arrangement — түшүрүү, которуу, жайлаштыруу) — муз. чыг-ларды түрдүү аспаптар, ар кандай үндөр үчүн аткарууга ыңгайлаштырып жөнгө салуу же аталган аспапка келтирүү. Мис., оркестрдик чыг-ларды фортепьяно үчүн А., о. эле аспап үчүн чыг-ны жеңилдетип берүү. К. Орозовдун, Ы. Тумановдун, М. Күрөңкеевдин, А. Огомбаевдин күүлөрүнүн кыргыз эл аспаптар оркестрине салынышы да А. болот.

АРАРАТ ТҮЗДҮГҮ — Аракс д-нын ортонку агымындагы түздүк. Түштүгүндө Арарат, түндүгүндө Арагац тоолору жатат. Көп бөлүгү Армян ССРине, чыг. жагындагы аз жери Түркияга тиешелүү. Уз. 90 *км*, бийик. 850—1000 *м*. Январдын орт. темп-расы — 1, —6°С, июлдуку 25—26°С. Жылдык жаан-чачын 250—300 *мм*. Жүзүм, жеміш ж-а жашылча өсүмдүктөрү өстүрүлөт. А. т-де Ереван, Октемберян, Эчмиадзин ш-лары жайгашкан.

АРАФУР ДЕҢИЗИ—Инди океанындагы четки деңиз. Австралия, Жаңы Гвинея ж-а Танимбар, Кай а-дары м-н курчалган. Аянты 1037 миң *км²*, терең. көпчүлүк бөлүгүндө 200 *м*, түп.-батышында 3680 *м* ге чейин, эң чоң булуңу — Карпентария. Агымы кышында чыгыштан батышты, жайында батыштан чыгышты карай агат. Суунун үстүнкү катмарынын темп-расы 25—28°С. Туад. 34—35‰. Ташкындоо учурунда суу 2,6—7,6 *м* көтөрүлөт.

АРАХНОИДИТ (гр. arachne — жоргомуш, желе, éidos — түр) — мээнин же жүлүндүн тор кабыгынын сезгенишин. А. жөнүндө биринчи жолу немец врачтары Бённингхауз (1897), Шлёзингер (жүлүн А-ти, 1898) сыпаттап жазышкан. А. кулактын, мурундун көшумча коңулчаларынын сезгенишинен, баштын, сөөктүн, кыр аркалардын майып болушунан, о. эле *грипп, келте, чучук, котон жара* ж. б. жугуштуу ооруулардын кабылдоосунан пайда болот. Мээнин А-де көбүнчө баш ооруйт, кээде талма карман, баш айланат, кулак жакшы укпай, көз электенип, көрүү начарлайт. Дарттын күчөп турган учурунда төшөккө жатуу режими, *антибиотиктер*, ооруну басаңдатуучу дарылар колдонулат. Кээде операция жасалат.

АРАХНОЛОГИЯ (гр. arachne — жоргомуш ж-а logos — окуу) — зоологиянын жоргомуш сымалдар (Arachnoidea) ж-дөгү бир тармагы. А. жоргомуш сымалдардын салыштырма анатомиясын, эмбриологиясын, физиологиясын, экологиясын, зоогеографиясын ж-а алардын филогенезин м-н классификациясын изилдейт. Жоргомуш сымалдардын кээси уулуу (мис., каракурт ж-а чаян). А. медицина, ветеринария ж-а а. ч-сы м-н тыгыз байланышып, ыяндуу жоргомуш сымалдардан сактануу ж-а керектүүлөрүн пайдалануу б-ча практикалык чараларды ил. негизде иштеп чыгат.

«АРАШАН» кыргыз бальзамы— кара-күрөң түстөгү дүйүм жыттуу, шыпаа берчү ичкилик. Аны А. А. *Алтымышев* ойлоп чыгарган. Угуттуулугу 45°. Составы Кырг-н тоолорундагы 20дан ашык дары чөптөн турат. «А.» к. б. СССРдин автордук күбөлүгүн алууга арзыган. «А.» к. б. суукка урунганда, кара күчтөн тайганда, акыл-эс жагынан чаалыкканда ичүүгө сунуш кылынат. Чөнөп ичин жүрсө, организмге кубат берет. «А.» к. б-н аз-аздан ысык чай, минералдуу суу, вино, спирттүү ичимликке кошуп же өзүн карандай ичүүгө болот. Фармакологиялык таасири жагынан айтылуу женьшендин ширесинен, Рига, Париж, орус бальзамдарынан да алда канча күчтүүлүк кылат. Дарылыгы бар ичимдиктердин Москвада өткөрүлгөн дегустация конкурсунда «А.» к. б. он балл системасы б-ча 9,44 балл алып, биринчи орунду жеңип алган. «А.» к. б-ныи бир өзгочолугу: аны башка бальзамдар сыяктуу вино жасагандан эмес, илимпоз фармаколог чыгарган. Дагы бир артыкчылыгы: аныи составындагы чөп-гүлдөр жайлоолордон терилип алынат.



АРАШАН СУУЛАРЫ (монг. аршан—булак) — жер астынан чыккан жылуу суулар. Суунун темп-расы 37—42° болсо — термалдуу, 20—37° — субтермалдуу, 42° тан жогоркусу гипертермалдуу А. с. деп аталат. А. с. негизинен жер астындагы суудан пайда болот. Суу жер кыртышынын тереңдиги жог. темп-рада турган тоо тектердин арасынан сарыгып өткөн кезде ысып, тектоп. жаракалар аркылуу жер үстүнө чыгат. А. с. көбүнчө жанар тоолуу жерлерде, артезиан суулары жайгашкан ж-а тектоп. кыймылдар болуп турган аймактарда кезигет. Жанар тоолуу аймактарда ысыган тоо тектер жер бетине жакын жайгашкандыктан, андагы суу өтө ысып, сыртка буу же кайнак булактар *(гейзерлер)* түрүндө чыгат. А. с. аз минералдашкандыгы ж-а өтө щелочтуулугу м-н айырмаланат. А. с. Чукоткада, Курил а-дарында (Парамушир), Хабаровск крайында (Кулдур), Алтайда (Белокуриха), Кавказда (Джермук, Исти-Суу), Памирде (Гарм-Чишма, Жыланды) ж. б. аймактарда, Кырг-нда Жети-Өгүз, Ак-Суу, Ысык-Ата, Жалал-Абад, Жыргалаң курортторунда ж-а Чоң-Кызыл-Суу, Жуукучак, Тоң, Ат-Башы ж. б. жерлерде бар. Чет өлкөлөрдө Италия (Тоскана), Жаңы Зеландия (Вайраней), Исландия (Рейкьявик), АКШ (Калифорниядагы Чоң Гейзерлер р-ну) ж. б-да белгилүү. О. Азия ж-а Каз-н эдери А. с-н илгертен бери эле дарылануuга пайдаланып келген. А. с. саламаттыкты чыңоо ж-а ооруларды дарылоо максатында, электр энергиясын алууда, геотермоэлектростанцияларын курууда (Калифорния, Италия, СССР), турак үйлөр м-н теплицаларды жылытууда ж-а сугат ишинде (Исландия) кеңири пайдаланылат.

Ад.: Овчинников А. М., Минеральные воды, М.—Л., 1947; Яновский П. Л., Минеральные воды СССР, 2 изд., М., 1957; Макаренко Ф. А., Мавринский В. Ф., Термальные и перегретые воды СССР, «Сов. геология», 1963, № 8.

АРБАК — арабча «жан» деген маанини берип, байыркы анимисттик диндин исламда өзгөртүлүп алынышы. А. адамдын денесинен чыккан «жан» (киши өлгөндө) тиги дүйнөдө да жашоосун улантат деген жалган түшүнүккө негизделген. Өлгөн кишинин мүрзосүнө тамак-аш коюп, кай бир учурда буюмдарын кошо көөмп, А-ка сыйынуу ушундан келип чыккан. Кыргыз патриарх.-феод. коомунда тирүү кезинде айрыкча урматка ж-а күчкө ээ болушкан уруу башчыларынын, аксакалдардын, баатырлардын А-на сыйынуу Улуу Окт. рев-ясына чейин кеңири орун алып келген. Таблият ж-дөгү илимдин жетишкендиктерине таянып, диал. материализм деңеден сыртқары «жан» жашайт деген түшүнүктү жокко чыгарат.

АРБИТРАЖ — 1. Талаш-тартыштарды тараптардын сот органдарына эмес, айрым адамдарга — арбитрлерге же третей (аралык) судьяларга кайрылып чечүүнүн жолу. Тараптар өзүлөрү арбитрлерди шайлашат же аларды келишимде, закондо корсотулгөн тартипте дайындашат. А. негизинен соода операцияларынан, жүк ташуудан, товарларды жеткирүүдөн ж. б. чыккан мүлктүк талаш-тартыштарды чечет. 2. А.—мүлктүк ж-а ага байла-



А. Е. Арбузов.



Б. А. Арбузов.

ныштуу мүлктүк эмес талаш-тартыштарды чечүүчү атайын орган. Мис., третей соту, ал конкреттүү иштерди караш үчүн түзүлөт. А. эки түргө бөлүнөт: эл аралык А., улуттук А., б. а. мамл. ж-а ведомстволук А.

АРБУЗОВ Александр Ерминингельдович [30. 8 (11. 9). 1877, Казань губ., Арбузово-Баран с.,— 22. 1. 1968, Казань]—сов. химик. СССР ИАнын акад. (1942; мүчө-корр., 1932), Соц. Эмг. Баатыры (1957). А. М. *Зайцевдин* окуучусу. 1900-ж. Казань ун-тин бүткөн. 1911—30-ж. ошол ун-ттин, 1930-жылдан Казандагы хим.-технол. ин-тунун проф., 1945—63-ж. СССР ИАнын Казандагы филиалынын пред-ли. А. фосфорлуу к-та ж-а анын бирикмелеринин түзүлүшүн аныктаган. Фосфор орг. бирикмелерди синтездөөнүн бирден бир негизги жолу болгон реакцияны *(Арбузов реакциясы)* ачкан. А. хим. катализ ж-а фосфорлуу к-танын диалкил эфирлеринин таутомерлерин изилдеген ж-а химиянын өнүгүшүнө баалуу эмгек сиңирген. Ал Б. А. *Арбузов* м-н бирге триарилметил катарындагы эркин радикалдарды алуунун жаңы жолун тапкан. Ийне жалбырактуу жыгачтардын чайырын изилдеп, чайырды коромжусуз жыйнап алуу техникасын иштеп чыккан. А. СССР Жог. Советинин 2—6-шайл. депутаты, СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1943, 1947), 5 Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АРБУЗОВ Алексей Николаевич (1908-ж. т.) — советтик орус драматургу. Ленинграддагы театр окуу жайын бүтүргөн. Чыг-лары 1930-жылдан жарыялана баштаган. А. «Таня» (1939) пьесасы м-н алдыңкы драматургдардын бири катары таанылат. «Сүйүктүү алтоо» (1935), «Алыс жол» (1935), «Таң алдындагы шаар» (1941), «Четтеги үй» (1943), «Саякат жылдары» (1954), «Иркутск окуясы» (1954), «Саат он экиге кетти» (1959), «Жоголгон уул» (1961), «Байкуш Маратым» (1965), «Бактысыз адамдын бактылуу күнү» (1968), «Шайлоо» (1971), «Эски Арбаттын жомогу» (1972) ж. б. чыг-ларды жазган. А. чыг-ларында сов. жаш муундардын ич дүйнөсүн калыптандыруу, коммунисттик салттарга тарбиялоо ж. б. учурдун орчундуу маселелерин көтөрөт. Анын чыг-лыгына тынымсыз изденүү мүнөздүү.

АРБУЗОВ Борис Александрович (1903-ж. т.)— орг. химия б-ча сов. окумуштуу. СССР ИАнын акад. (1953; мүчө-корр., 1943), А. Е. *Арбузовдун* уулу ж-а шакирти. Орг. ж-а физ. химия б-ча 400дөн ашык ил. эмгеги бар. Ал диен синтезин, бициклдүү терпендердин ж-а алардын кычкылдарынын изометрдик айлануусын изилдеген. А. СССР Жог. Советинин 7-шайл. депутаты, СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1951), эки Ленин ордени ж. б. ордендер, медалдар м-н сыйланган.

АРБУЗОВ РЕАКЦИЯСЫ — үч валенттүү фосфор к-тасынын эфирлери орг. галлоиддер м-н биригип, беш валенттүү фосфордун орг. заттарын пайда кылуучу реакция. Реакциянын натыйжасында фосфор м-н көмүртектин ортосунда жаңы байланыш түзүлөт. А. р. түрлүү фосфор орг. бирикмелерди алууда колдонулат. Бул реакцияны А. Е. *Арбузов* 1905-ж. ачкан.

АРБЫН — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы Кеңеш сельсоветине караштуу кыштак. Шапкол-Сай өзөнүнүн боюнда. «Ленинизм» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Эски-Ноокаттан түш.-чыг. тарапта, Ош ш-нан 55 *км.* Калкы 1202 (1971). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

АРГАС (Argas)— аргас тукумундагы кене. Денеси жалпак, уз. 4—10 *мм,* түсү күрөң кызыл. 20дай түрү бар. Алар негизинен климаты жылуу өлкөлөргө таралган. СССРдө 8 түрү белгилүү. Өлкөбүздүн европ. тарабынын түш. жактарында, Кавказда, Каз-нда О. Азияда, Волга жээктеринде, Бат. Сибирдө кездешет. Кырг-нда түш. р-ндорунда ж-а Чүй өрөөнүндө бар. А. негизинен бакма канаттууларга мителик кылып, түнкүсүн канын сорот да, күндүз сарайлардын жылчыктарына жашынат. Ал спирохетоз ылаңын таратуу м-н канаттууларга чоң зыян келтирет. Кээде адамдарды да чагат. Тооканаларга инсектициддерди чачуу м-н А. кенелерине каршы күрөш жүргүзүлөт.

АРГАСЫЗ КОРГОНУУ — мамлекеттин ж-а коомдун кызыкчылыгына, о. эле адамдын кепт башына же укугуна кол салуу учурунда сактануу. Ушундай шартта сактануучу киши кол салуучуга укук нормаларынын чегинен чыкпай зыян келтирсе, аны закон коргорот. Мунун өзү граждандардын өз укугун активдүү коргошуна мүмкүндүк түзөт.

АРГАСЫЗ ТЕРМЕЛҮҮ — сырткы өзгөрүлмө күчтүн аракеттенүүсүнөн кандайдыр бир системада пайда болуучу термелүү. А. т-нүн абалы сырткы күчтүн мүнөзүнө ж-а системасынын касиетине жараша аныкталат. Сырткы күч мезгилдүү аракет эткенде, А. т-нүн абалы, чоңдугу убакытка жараша өзгөрөт, бирок мезгилдүү болбойт. Бир аз убакыт өткөндөн кийин системада А. т. пайда болуп, анын мезгили сырткы күчтүкүнө теңелет. А. т-нүн амплитудасы аракет кылган күчтүн амплитудасы м-н аныкталат. Сырткы күчтүн жышт, системанын өздүк жыштыгына дал келгенде, А. т-нүн амплитудасы тез чоңоюп, *резонанс* пайда болот.

Ад.: Х а й к и н С. Э., Физические основы механики, М., 1963.

АРГЕНТИНА, А р г е н т и н а Р е с п у б л и к а с ы.

Жалпы маалымат. А.—Түш. Америкадагы терр-ясы ж-а калкынын саны б-ча 2-орунда (Бразилиядан кийин) турган мамлекет. Түш. Америка материгинин түш.-чыгышын, Оттуу Жер а-нын чыг. бөлүгүн, өзүнө жакын Эстадос ж. б. а-дарды ээлеп жатат. Батышынан Чили, түн. ж-а түн.-чыгышынан Боливия, Парагвай, Бразилия, Уругвай м-н чектешет. Чыгышын Атлантика океаны



чулгап жатат. Аянты 2,8 млн. *км*². Калкы 24,8 млн. (1974). Борбору Буэнос-Айрес ш. Админ. жагынан А. 22 провинцияга, Оттуу Жер терр-ясына ж-а федералдык борб. округга бөлүнөт (1973).

Мамлекеттик түзүлүшү. А.— федеративдүү респ-ка. Мамлекеттин ж-а өкмөттүн башчысы — президент, ал 4 жылдык мөөнөт м-н шайланат. Закон чыгаруучу жог. органы—Улуттук конгресс, ал сенат ж-а депутаттар палатасынан турат.

Табияты. А-нын көпчүлүк бөлүгү түзөң; түндүгүндө Гран-Чако түздүгү ж-а Парана, Уругвай д-ларынын арасы бар, борборунда Лаплат ойдуңу, түш.-батышында Патагония бөксо тоолору, батышында — Анд тоолору (6960 *м,* Аконкагуа тоосу — Түш. Американын эң бийик жери) жатат. А. үч климаттык алкактын (тропиктик, субтропиктик ж-а мелүүн) кесилишинде. Январда (жай) орт. темп-ра түндүгүндө 28°С, түштүгүндө 10°С, июлда (кыш) түндүгүндө 18°С, түштүгүндө 1°С. Жаан-чачын жылына 100—300 *мм* ден 1400—1600 *мм* ге чейин. Чоң суулары: Парана, Уругвай, Чубут, Рио-Негро, Рио-Колорадо. Көбүнчө азыр айдоого айландырылган талаанын шалбаалары, саванналар, тоолуу субтропик токойлор каптап жатат. А-да ламалар, чопкутчандар (бронепосецтер), тоо куштар бар. Пампа м-н Эки суу арасында кайберен тукум курут болгон, калган районбордо нутрия, уильин кундузуна уу кылынат. Ири коруктары (улуттук парктары)— Игуасу, Лапин, Науэль-Уапи.

Калкы. А-нын калкы ар кошкон элдердин тукумдарынан куралган. Креолдор (А-да туулган испаниялыктар) жерг. индеецтер м-н, кийин (19-к-да) европалык иммигранттар м-н аралашып кеткен. Калкынын көбү— аргентиналыктар (80%тен көбү), ита-

лиялыктар (900 миң чамалуу), испаниялыктар, украиналыктар, польшалыктар, немецтер, француздар, Европадан келген башка улуттар да жашайт. Жерг. калк — индеецтер колонизаторлор тарабынан кырылып отуруп, 20—30 миңдей эле калган. Мамл. тили — испан тили, элдин көбү католик дининде. Экон. активдүү калкы — 8,9 млн. (1970), анын 15% а. ч-сында. Калкынын 80%тен ашыгы шаарда, Буэнос-Айресте (шаар айланасы м-н) 8 млн. киши. Ири шаарлары: Росарио, Кордова, Ла-Плата ж. б.

Тарыхый очерки. Байыртан бери А-нын терр-ясын көп сандаган индеец урууларды мекендеп келген. Алар 16-к-дын башына чейин байыркы урууулук коомдо жашаган. 16-к-дын башында А-нын терр-ясын испаниялыктар басып алып, Ла-Плата деп аташкан (испанча күмүш дарыя дегенден). Испаниялыктар басып алган соң индеец уруулары өз бетинче өнүп-өсө албай калган. Колониялаган жерлерге испаниялык-



Өлкөнүн көз карандысыздыгы үчүн Хосе Сан Мартиндин жетекчилиги м-н (1778—1850) салгылашкан боштондукка чыгаруучу армияга эстелик. Ал Мендоса ш-нына жакын жердеги тоонун арасына тургузулган.

тар феод.-крепостной тартип орнотту. Алар 300 жылдай бийлеп турду. 1810-ж. калктын патриот катмарлары колонизаторлорго каршы көтөрүлүп, испаниялыктардын эзүүсүнөн кутулду да, 1816-ж. Ла-Платанын Бириккен провинцияларынын көз карандысыздыгын жарыялады. Ла-Плата 1826-ж-дан Аргентина деп атала баштады. Бир топ феод. ин-т, кулчулук ж.б. жоюлду. Бирок Буэнос-Айрестеги бурж.-помещиктик чөйрөлөр м-н провинциялык динчилердин өз ара күрөшү бирдиктүү мамлекет түзүүгө жолтоо кылды. Далай күрөштөрдөн кийин гана 1862-ж. А. бирдиктүү мамл. болду. 19-к-дын аягында А. чет өлкөлөргө эгин сата баштаган; т. ж., порттор ж. б. курулуп, ө. ж. буржуазиясы ж-а пролетариаты калыптанды. Профсоюз уюмдары пайда болду. А-да 20-к-дын башында тап күрөшү күчөдү. 1-дүйн. согуш убагында А. бейтараптык саясат жүргүздү.

Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасири м-н



Жергиликтүү индеецтер.

А-да жумушчу табынын рев-чыл күрөшү күч алды. 1918-ж. А-нын компартиясы (АКП) түзүлдү. 1916—30-ж. бийлик башында турган радикалдар партиясы өлкөнүн ө. жайын өнүктүрүү, чет элдик капиталдын экспансиясын чектөө үчүн чара көрүп, көз карандысыз тышкы саясат жүргүзүүгө аракет кылды. 1930—43-ж. аскер күчүнө таянган бурж.-олигархиялык өкмөт бийликте турду. 2-дүйн. согуш убагында демокр. кыймыл жандап, демокр. күчтөрдүн бийликке келиши мүмкүн боло баштады. 1943-ж. мамл. төңкөрүш жасалып, аскер диктатурасы орноду. 1946-ж. улутчул буржуазиянын мүдөөсүн көздөгөн Х. Д. Перон президент болду. Перондун өкмөтү чет элдик кампаниялардан т. ж-дорду, телеграф тармактарын, борбор шаардын транспортун сатып алып, тышкы сооданы көзгө салган, улуттук ө. жайды өстүрүү камын жеген, жумушчулардын айрым категорияларынын турмуш шартын ж-а эмгегин жакшыртууга өз алдынча тышкы саясат жүргүзүүгө аракет жасаган. 1955-ж. аскер башчылары ж-а бурж.-помещиктик реакция Перонду бийликтен тайдырды. Андан кийинки өкмөттөр ички-тышкы саясатта реакциячыл позицияда туруп, олигархиянын мүдөөсүн жактады, өлкөнү чет элдик капиталга басмыртырды. 1963-ж. бийликке келген А. Ильянын өкмөтү элдин кысымы м-н мамл. капит. секторду бекемдөө ж-а чет элдик капиталды чектөө үчүн айрым чаралар көрдү эле, көп өтпөй кулатылды (1966). Бийлик башына келген аскер хунтасы саясий партияларга тыюу салып, парламент ж. б. органдарын таркатып, «коммунизмдин кенднрин үзүү» максатын көздөдү. Бийлик талашкан аскерлик өкмөттөр алмак-салмак алмаша берди. Ген. А. А. Ланусседин өкмөтү (1971—73) өлкөнү сүзөктөгөн экон. ж-а саясий кризистен алып чыгууга умтулуп, конституциялык башкаруу формасына өтүүгө аракет жасады, бурж. партиялардын ишине ж-а парламенттик шайлоого уруксат кылынды. Бийлик башына келген перончул Э. Кампора репрессиячыл ж-а антикоммунисттик закондорду жойду, Аргентина компартиясын ачыкка чыгарды, айрым соц. өлкөлөр м-н дипломатиялык мамиле түздү. 17 жыл чет элде жүргөн Перон 1973-ж. июлда президент болуп шайланып, өз өлкөсүнө кайрылып келди. 1974-ж. июлда Х. Д. Перон дүйнөдөн кайтып, анын ордун аялы М. Э. Мартинес де Перон басып калды. 1976-ж. 24-мартта А-да аскерлик төңкөрүш болуп, 30-мартта генерал Хорхе Рафаэль Видела А-нын президенти ж-а өкмөт башчысы болду.

Саясий партиялары, профсоюздары ж-а коомдук уюмдары. Х у с т и с и а л и с т т и к (п е р о н ч у л) п а р т и я. 1958-ж. мурдагы (1947—55-ж.) перончул партиянын негизинде түзүлгөн; жумушчуларды, кызматчыларды, шаар калкынын орто катмарларын, бурж. м-н помещиктерди бириктирет, 1973-жылдын майынан бийлик башында. Г р а ж д а н д ы к (р а д и к а л ч ы л п а р т и я) с о ю з 1891-ж. негизделген, орто ж-а майда буржуазиянын бөлүгүн, интеллигенцияны, студенттерди ж-а эмгекчилерди бириктирет. С о ц и а л - д е м о к р а т и я л ы к п а р т и я — соц. интернационалга кирген антикоммунизм позициясында турган партия. *Аргентинанын коммунисттик партиясы* (АКП; 1918-ж. негизделген). Э м г е к т и н ж а л п ы к о н ф е д е р а ц и я с ы (ЭЖК) 1930-ж. түзүлгөн; буга бир катар профсоюз бирикмелери кирет. К о м м у н и с т т и к ж а ш т а р к ы й м ы л ы 1921-ж. негизделген. Компартиянын таасиринде иштейт. А р г е н т и н а н ы н т ы н ч т ы к с о в е т и 1948-ж. түзүлгөн. А р г е н т и н а а я л д а р ы н ы н с о ю з у 1947-ж. түзүлгөн. Булардан сырткары орто ж-а майда ишкана ээлерин бириктирген, ири ишкана ээлерин ж-а соодагерлерди, финансисттерди, помещик-латифундисттерди баш коштурган саясий, профсоюздук, коомдук бирикмелер бар.

Экономика-географиялык очерки. А.— Лат. Америкасындагы бир кыйла өнүккөн агрардык-индустриялуу өлкө. Анын экономикасы агрардык мамилелер жагынан артта калган, негизги тармактары чет өлкөлүк капиталга ж-а рынокторго көз каранды. Чет элдик капитал өлкөнүн ө. ж. өндүрүшүнүн $^1/_3$ бөлүгүнө, о. эле чоң жер участокторуна ээлик кылат. 2-дүйн. согуш (1939—45) жылдарында ж-а андан кийин бир катар иштетүүчү ө. ж., негизинен, оор ө. ж. (машина жасоо, нефтехимия, нефтини кайра иштетүү, кара металлургия) түзүлдү. Натыйжада продукциянын паркы ө. ж-да а. ч-ныкынан ашып кетти. Бирок эмгектин эл аралык бөлүнүшүндө А-нын энчисинде дагы эле а. ч. калды. Ал — а. ч. продукциялары экспорттоочу негизги өлкөлөрдүн бири. 2-дүйн. согуштан кийин мамл. капит. сектор өнүгүп, жалпы өлкө б-ча нефть өндүрүү м-н болот эритүүнүн 60%, көмүр м-н табигый газ өндүрүүнүн, о. эле электр энергиясын иштеп чыгаруунун $^3/_4$ бөлүгү ага тиешелүү.

А-нын а. ч-сында помещиктер үстөмдүк кылат. Жалпы чарбалардын 5,5%, жер фондусунун 74,4%ин (ар бир чарба 100 *га* дан ашык жер) ээлейт, ал эми чарбалардын 38% (ар бир чарбанын 25 *га* жери бар) жер фондусунун 1,10%ин гана ээлейт. А. ч-сына жарактуу жер 138 млн. *га,* анын $^1/_6$ айдоо ж-а көп жылдык өсүмдүк эгилген жерлер, калганы — чөп

Тамеки жыйноо.



чабынды ж-а жайыт. Мал чарбасы алдыңкы орунда. 1970—71-ж. 43,5 млн. ую, 48,4 млн. кою, 3,9 млн. чочкосу болгон. Уй көбүнчө эт үчүн (70%) багылат, кой чарбасы да жакшы өнүккөн. Жылына 200 миң т чамалуу жүн кыркып алып, 100—150 миң т жүндү тышка чыгарат. А. буудайдын түшүмү ж-а экспорту б-ча (жылына 5—6 млн. т) да дүйнөдө алдыңкы орундарда турат. Тоют үчүн дан өндүрүүдөн (10 млн. т) ж-а экспорттоодон (5—7 млн. т) да А. биринчи орундардын бирин ээлейт. Экспортко кендир, күн карама чыгарат. Бал камышы, пахта, тамеки, шалы, чай өсөт. Багбанчылык ж-а жүзүмчүлүк жакшы өнүккөн. А. дүйн. базарга боёгуч экстрактты да көп чыгарат. Деңиз кылааларынан ж-а Парана м-н Уругвай д-ларынан балык кармалат. Нефть иштеп чыгаруу, негизинен, Ла-Плата, Буэнос-Айрес ж-а Кампана ш-ларында. Нефтьхимия өө. ж. (Сан-Лоренсо, Кампана ш-лары) бир кыйла илдам өнүгүүдө.

Т. ж-дун уз. 46 миң км (1970). Шоссе жолунун уз. 150 миң км (1970), анын 70 миң км таш жол. Сырткы сооданын 95%ин деңиз жолдору тейлейт. Соода флотунун тоннажы 1,3 млн. брутто рег. т (1971).

Экспорттун 85%ин негизинен а. ч. продуктусу, көбүнчө эт (дүйн. капит. экспорттун $^1/_3$), эгин (негизинен, буудай $^1/_{10}$ болгуңө чейин), жүн ($^1/_{10}$), булгаары сырьёсу ($^1/_5$), өсүмдүк майы, кендир уругу, жемиш түзөт. Машиналар ж-а жабдуулар (паркынын $^1/_2$ болгу дээрлик), о. ө. эле сырьё (темир рудасы, көмүр, нефть) импорттолот.

Акча бирдиги — песо.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. 1970-ж. ар миң кишиге эсептегенде, төрөлгөндөр 22,0, жалпы өлүм 8,0, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 58ди түзгөн. Жугуштуу оорулардын ичинен (1970) кургак учук (100 миң кишиге 79,8), балдардын оорулары (100 миң балага 409 бала), о. ө. ичеги-карын ж-а венералык оорулар (100 миң кишиге 68,0) көп учурайт. 1969-ж. 133 847 койкалуу (1000 кишиге 5,6 койка) 2864 ооруканада, ооруга жардам көрсөтүүчү мекемелерде 53 684 врач (450 кишиге 1 врач) иштеген. Врачтарды ун-ттердин алдындагы 9 мед. ф-тет даярдайт. 1969—70-окуу жылында бул ф-теттерди 1822 врач бүтүрүп чыкты.

Эл агартуу жана илимий мекемелери. Элге билим берүүнүн баштапкы баскычы катары 3—6 жашар балдар үчүн ачылган мектепке чейинки мекемелер эсептелет (1969-ж. аларда 211 миңге жакын бала тарбияланган). 7 жылдык башталгыч мектептер, 5 жылдык орто мектептер 2 циклден (окуусу 3 ж-а 2 жыл) турат. Биринчи цикл жалпы билим берүүчү мүнөзгө ээ, экинчиси классикалык ж-а реалдык бөлүмдөрдөн турат. 1969-ж. башталгыч мектептерде — 3354,5 миң, орто мектептерде — 211,5 миң, профессионалдык мектептерде 519 миңден ашуун окуучу окуган. Жог. окуу жайларынын ичинде 13 мамл. ж-а 14 менчик ун-т, 3 жог. технол. ин-т, консерватория ж. б. болгон. Ири ун-ттери Буэнос-Айресте, Кордовада, Ла-Платада ж-а Санта-Феде. 1969-ж. жог. окуу жайларында 271,5 миң студент болгон. Буэнос-Айресте Улуттук ж-а ун-т китепканалары; табигый илимдер, көркөм, тарыхый музейлер ж-а Сармьенто атн. мектеп музейи жайгашкан.

Басма сөзү, радио уктуруу, теле көрсөтүүлөрү. 1973-ж. А-да жалпы тиражы 3 млн. нускадан ашкан 453 газета, 408 журнал ж-а 1500дөн ашуун мезгилдүү басма сөз продукциясы жарыкка чыккан. Буэнос-Айресте күн сайын чыгуучу кеңири белгилүү газеталар: «Кларин» (1945), «Мундо» (1938), «Насьон» (1870), «Пренса» (1869). Күнүгө чыгуучу кечки газета —«Расон» (1905). АКПнин органы «Нуэстра палабра» жумалыгы (1950-жылдан чыгат). Өкмөттүн информ. агентствосу — ТЕЛАМ (1945-ж. негизделген). Радио уктуруу м-н теле көрсөтүү өкмөттүн көзөмөлүндө турат. 137 мамл. ж-а өздүк радиостанция бар. Теле көрсөтүү 50-жылдардын башталышында негизделген, 31 телестанция иштейт.

Адабияты жана искусствосу. А-ны мекендеген индеец урууларынын фольклору биздин заманга жеткен жок. Колониализм мезгилинде А-ның ад-ты испан ад-тынын таасири астында өнүктү. Испанияга каршы согуштун (1810—26) ж-а улуттук-бошт. кыймылынын түшунда рев-ялык патриоттук классицизм ад-ты оркүндөдү. А-ның көз каранды эместиги жарыяланган соң (1816), ад-ттагы негизги багыт романтизм болуп калды (Э. Эчеверриа, Х. М. Гутьеррес, Х. Б. Альберди, Д. Ф. Сармьенто, Х. Мармоль). Гаучо ад-ты м-н поэзиясынын негизин Пампада жашоочулардын фольклору түзөт. Анын өкүдөрү: Б. Идальго, И. Аскасуби, Э. дель Кампо, Х. Эрнандес. 19-к-дын 2-жарымында элдин тиричилигин жазган ад-т өнүгүп (Л. В. Лопес ж. б.), сынчыл реализмге өтүүгө өбөлгө болду. Ал эми турмуштун улуттук өзгөчөлүгү Б. Линчанын, Р. Гуиральдестин социалдык темадагы романдарында көрүндү. А-ның азыркы мезгилдеги ад-тын романчылар Э. Л. Кастро, Б. Вербицкий, Л. Гудиньо Крамер, К. Рупс Доде, А. Варела, Х. Кортасар; драматургдар О. Драгун, А. Кусани, сынчы-марксист Э. Агости ж. б-лар түзөт.

Колония мезгилинде А-да Буэнос-Айрес, Кордова, Санта-Фе сыяктуу ш-лар курулган. Бул шаарлардын көчөлөрү түз бурчтуу, преттүү келип, негизги аянттары, собор, ратуша ж. б. көпө салынган. Чиркөөлөр так, келишимдүү формада курулуп (арх. Ф. Лемер, Х. Краус, А. Бланки, Х. Б. Примоли), алардын эшиктери, кафедра ж-а алтардык төсмөлөрүн индеец гуарандар жыгачтан оюп жасашкан. 19-к-да реалисттик живопись (П. Пуэйредон, Э. Сивори) ж-а скульптура (Л. Корреа Моралес) пайда болот. 20-к-да имараттарды азыркы жаңы стиль м-н интенсивдүү куруу жолго коюлуп (арх. А. Вирасоро, А. Вильямс, К. Теста), «жаңы реализмдин» социалдык иск-восу (живописчилер Х. К. Кастаньино, А. Берни, Л. Э. Спилимберго) ж-а модернисттик агым пайда болгон.

Азыркы А-ның аймагында жашаган индеецтердин турмуш-тиричилигинде музыка маанилүү орунга ээ болгон.

Мар-дель-Плата шаарынын бир көрүнүшү.





АРГЕНТИНА. ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТА



Айрыкча анд-кечуа ж. б. элдердин муз. мад-ты өнүгүп, алардын лирикалык ырлары — яраби, бий-күүлөрү — уайло, муз. аспаптары (флейта, кена, үргүлөп ойномо аспап) биздин күнгө чейин жетти. А-ның элдик музыкасында испан элдик ж-а кээ бир профессионалдык музыканын таасири бар. Аның креолдук музыкасының андан ары өнүгүшүнө Европадагы башка өлкөлөрдүн иск-восу да маанилүү роль ойногон. Европ. муз. аспаптардан 6 кылдуу гитаранын, о. эле байрыкы жыгач аспап—лауд ж-а виуэланын келиши зор мааниге ээ болгон. А-да 19-к-дын акырында улуттук муз. мектеп түзүлүп, аны негиздөөчүлөрдүн бири — А. Вильямс, көрүнүктүү комп-лорунан А. Берутту ж. б. болгон. Креолдук багыттын композиторлору: Ф. Угарте, О. Сиккарди, Я. Фишер. Буэнос-Айресте «Колон» опера театры (1908-ж. негизделген), эки консерватория ж-а симф. оркестр бар.

А. театр иск-восунун башаты 16—17-к-да испан миссионерлери тарабынан уюштурулган индеецтердин ырым-жырым оюндарына ж-а католиктердин театрлаштырылган оюн көрсөтүүлөрүнө (пантомималар, мистерия, ауто ж. б.) барып такалат. 18-к-дын 1-жарымында драмалык чыгар Буэнос-Айрестин борб. аянтында коюлучу. 1778-ж. Буэнос-Айресте ар дайым иштөөчү «Комедия Үйү» же «Ранчерия» ачылат. 1804-ж. борбордо «Кичи (Убактылуу) Колисео» имараты курулуп, кийин (1838) «Архентино» аталып калат. 19-к-дын 1-жарымында көрүнүктүү актёрлору—В. Ортега, Х. Касакуверта, Т. Гевара, Ф. Касерес. 80-жылдары романтикалык мелодрама жанры пайда болуп («Гаучо театры» деген наам алат), аның башкы кейипкери малчы болот; көрүнүктүү өкүлү —Х. Подеста. 20-к-дын 20-жылдарында көз каранды эмес театрлар деп аталган кыймыл келип чыгат да, аның иштерлери (реж-лору ж-а драматургдары Л. Барлетта, Р. Пасапо ж. б. болгон) актёрлордун, режиссёрлордун ж-а драматургдардын, улуттук кадрларын тарбиялоо, европа театрынын тажрыйбасын үйрөнүү үчүн коммерсанттык башталмаларды зомбулугуна каршы күрөш жүргүзүшөт. А-ның белгилүү реж-лору м-н актёрлору: А. Боэро, П. Аскини, М. Села, О. Ферриньо, Т. Мерельо, С. Бенавенте, Л. Сандрини, Ф. Петроне. Борбор шаарда театрды нагилден үйрөнүүнүн Улуттук ин-ту иштейт.

А-ның кинематографиясы 20-к-дын баш чендеринде пайда болгон. 1930-ж. реж. Фурейра 1-жолу «Гаучонун ыры» аттуу үндүү фильмди көрсөткөн. А-да үндүү фильмдерди чыгаруу 1933-жылдан башталат. А. кинематографиясы чыгарган маанилүү фильмдердин катарына «Гуачо согушу», «Арал адамдары» (реж. Л. Демаре, 1942, 1951), «Жогорку кабат» (реж. Д. Чернявский, 1961), «Күн астындагы орун» (реж. Д. Миништи, 1964) ж. б. кирет. Көрүнүктүү киноактёрлору: Э. Муньо, А. Бенсе, Л. Торрес, Л. Сандрини, А. Алькон, Ф. Лупин, Э. Вайнер ж. б.

Ад.: Волков А. В., Аргентина, М., 1956; Гопионский А. С., Очерки новейшей истории стран Латинской Америки, М., 1964; Марианетти Б., Аргентина. Современное положение и перспективы, пер. с исп., М., 1966; Шур Л. А., Художественная литература Латинской Америки в русской печати. 1960—1964, М., 1966; Полевой В. М., Искусство стран Латинской Америки, М., 1967 (библ.).

АРГЕНТИНАЛЫКТАР — улут, Аргентинанын негизги калкы. 24,8 млн-го жакын (1974), испан тилинде сүйлөшөт. Дини б-ча католиктер. А.— испандардын, о. эле Европанын башка өлкөлөрүнөн баргандардын тукумдары. Испандар Аргентинага көчүп баргандан кийин жерг. индеецтер м-н аралашып кеткен учуру да болгон. Аргентинада италиялыктар, испандар, француздар, еврейлер, литвалыктар, украиндар ж. б. бар. А-дын бурж. улут болуп калыптануусу негизинен 20-к-дын башында аяктаган.

АРГЕНТИНАНЫН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (АКП) 1918-ж. январда Буэнос-Айресте негизделген; адегенде Интернационалдык соц. партия (ИСП) деген наам м-н Аргентинанын соц. партиясынын сол тарабынын өкүлдөрүнүн съездинде түзүлгөн. Съезд партиянын түзүлгөнүн жарыялаган Манифест кабыл алып, Уставы м-н «Принциптер декларациясын» бекиткен ж-а Россиядагы соц. рев-яга тилектеш экенин билдирди. 1919-ж. апрелде ИСПтин 2-съезди болуп, анда 2-Интернационал м-н байланышты үзүп, Коминтерниге кошулуу ж-дө чечим кабыл алган. ИСПтин 1920-ж. декабрдагы атайын чакырган съезди Аргентинанын компартиясы (АКП) деп атоого чечим чыгарган. 20-жылдарда АКП масса м-н байланышын кеңейтти ж-а уюштуруу жагынан чыңдалды. 8-съездинде (1928) партия боло турган рев-яны бурж.-демокр., агрардык, антиимпер. деп белгилеп, пролетариаттын рев-ядагы союздашы ж-дегу маселени туура чечти. 1930—1945-ж. партия жашыруун абалда иштеди. АКПнин 11-съезди (1946) эмгекчилерди баш коштуруу, партияның массага таасирин күчөтүү маселелерине өзгөчө көңүл бурган. 1957-ж. Аргентинанын Конституциялык ассамблеясын шайлоодо АКП 3 орунга ээ болду. АКПнин массага таасиринен чочулаган Аргентинанын өкмөтү 1959-ж. апрелде партияга тыюу салды. Партия көп жылдар подпольеде иштеп, 1971-ж. кайра ачыкка чыкты. АКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын өкүлдөрүнүн кеңешмелерине (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган. АКП демокр. централизм негизинде түзүлдү. Партиянын жог. органы — съезд. Съезддердин аралыгында партияны ишине БК жетекчилик кылат. АКПнин органдары —«Neustra Palabra» газетасы ж-а «Nenva Era» теориялык журналы.

АРГЕНТИТ (лат. argentum — күмүш), күмүш жылтырагы — күмүш сульфиди, минерал. Хим. формуласы Ag_2S. *Куб системасында* кристаллданат. Өңү боз. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2—2,5. Салыштыр. салм. 7,4. Төмөнку ж-а орто темп-ралуу гидротермалык күмүш кендеринде кездешет. А.— күмүш алынуучу негизги минералдардын бири.

АРГЕНТОМЕТРИЯ — галоген ж-а радон иондорун $AgNO_3$түн титрленген эритмеси м-н аныктоого негизделген сан анализинин методу.

АРГИЛЛИТ (гр. árgillos — чопо, lithos —таш) — *диагенез* ж-а *эпигенез* процесстеринде чопонун ныкталып, нымсыздануп ж-а цементтелишинен пайда болгон катуу тоо тек. Сууда эзилбегендиги ж-а катуулугу м-н чоподон айырмаланат. А. бүктөлүү аймактарында ж-а платформалардын терециндеги чөкмө тоо тектердин арасында кезигет. А-тер көбүнчө көмүр м-н нефть кендери бар жерлерде жолукканда, жер бетинде алардын жайгашуусун ж-а таркалышын изилдөөнүн мааниси чоң.

АРГИШТИ I — б. з. ч. 8-к-дын 1-жарымындагы Урарту падышасы, Менуанын уулу. А. I нин бир нече жазма даректери азыркы мезгилге чейин жеткен (мис., Ассириядагы ж-а Ван көлүнүн жээгиндеги зоокадагы шынаа жазуулары). А. I мамлекетти башкарган мезгилинде Урарту Ж. Чыгыштагы күч-кубаттуу өлкө айланган. Азыркы Арменияда уранды түрүндөгү Эребуни ж-а Аргиштихинили чептери А. Iнин убагында тургузулган.

АРГО — кандайдыр бир чакан жамаат үчүн же коом катмарынын мүчөлөрүнүн ич ара сүйлөшүүсү үчүн чыгарылган жасалма тил. Жаргондон айырмасы — А. адамдын профессиясына карата колдонулат. Мындай тилде жалпы элдик тилдеги көп сөздөр өтөл группа үчүн түшүнүктүү сөздөр м-н алмаштырылат же жалпы элдик тилдеги мааниси өзгөртүлүт

Ламалар.



колдонулат. Мурун бул тилде ууру-лар, ичтелик м-н күн көргөндөр сүйлөшсө, азыр кээ бир өлкөлөрдөгү мад-ттуу адамдар (артисттер, окуу-муштуулар, студенттер, окуучулар, аскер кызматындагы адамдар, спортсмендер ж. б.) да сүйлөшөт.

АРГОН (лат. Argon — аракетсиз), Ar — Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасынын VIII тобундагы хим. элемент, инерттүү газ; ат. н. 18, ат. м. 39,948. Кадимки шартта түссүз, жытсыз. Инерттүү газдар мурда мезг. системанын нөл тобунан орун алган, азыр VIII топтун башкы топчосуна жайгаштырылган. А-ду 1894-ж. англ. окумуштуулар Дж. Рэлей ж-а У. Рамзай абадагы азоттон бөлүп алышкан. А-дун абадагы көлөмдүк концентрациясы 0,93%, атмосферада $16 \cdot 10^{12}$ *т*, жер кыртышында $0,165 \cdot 10^{12}$ *т*. А-дун туруктуу 3 изотобу бар: ^{36}Ar (0,337%), ^{38}Ar (0,063%) ж-а ^{40}Ar (99,600%). А-дун тыгызд. 1,7839 *кг/м³*, эрүү t 189,3°C, кайноо t 185,9°C. Хим. жактан инерттүү болгондуктан, башка элементтер м-н валенттүү бирикме бербейт. А. о. ж-да абаны төмөнкү темп-рада бөлүү процессинде алынат. А. металлургиялык, хим. ө. ж-да инерттүү чөйрө түзүүгө, электроникада ж-а ядролук техникада колдонулат.

АРГОН МЕТОДУ, к. *Геологиялык жыл эсеби.*

АРГУМЕНТ — 1) кандайдыр бир ой жүгүртүүнүн чындыгын ырастоого алып келүүчү ой жүгүртүү; 2) логикада А.—далилдөөнүн негизи боло турган түшүнүк. Кандайдыр бир башка жобонун акыйкаттуулугун же жалгандыгын далилдөө үчүн келтирилген пикир; 3) ф у н к ц и я н ы н А-ти (математикада, матем. логикада) — маанисинен функциянын мааниси көз каранды болуучу өзгөрмө чоңдук, $y = f(x)$, $y = x^3$ мында x — аргумент; 4) комплекстик сандын А-ти $z = x + iy$ комплекстик санынын ρ радиус вектору м-н абцисса огунун оң багытынын арасындагы бурч, ал $\arg z$ деп белгиленет.

АРГУНЬ — СССР м-н Кытайдын чек арасын (944 *км*) бойлоп аккан дарыя. Шилка суусу м-н кошулуп, Амур д-сын түзөт. Кытайдагы Чоң Хинган тоолорунан башталып, жог. агымы Хайларом (Хайлархэ) деп аталат. Уз. 1620 *км*, алабынын аянты 164 миң *км²*. Негизинен жаан-чачын сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 400 *м³/сек*. Ноябрдын аягында тоңуп, майдын башында ачылат. Башкы куймалары: Гэньхэ, Нюэрхэ, Уров, Урюмкан, Газимур. Балыктын 60 түрү (каңылтыр, ак амур, кета ж. б.) бар. 17-к-дын 2-жарымынан тартып А. аркылуу Сибирден Чыг. Кытайга соода жолу өткөн.

АРГЫМАК — Жакынкы ж-а О. Чыгыш өлкөлөрүндөгү асыл тукум минги жылкынын байыркы аты. Таза тукумдуу минги, Буденный, араб ж-а ахалтеке жылкысынын сымбаттуу, чымыр, күлүгүн А. деп аташат.

АРГЫН (лат. hybrida — аргын, чалыш) — тукум куугуч касиети ар башка тукумду аргындаштыруудан, кыйыштыруудан же чаңдаштыруудан алынган форма, к. *Аргындаштыруу.*

АРГЫНДАШТЫРУУ — *генетика* илиминде бир же андан көбүрөөк белгиси б-ча айырмасы бар эки организмди өз ара кайчылаштыруу. *Зоотехнияда* А. ар кандай группага таандык малды ж-а анын тукумдарын өз ара же бирдей породалар м-н гана куудуруу деген маани түшүндүрөт. А. малдын породасын тез өзгөртүп-өркүндөтүү ыкмасы болуп саналат. Аргындаштырганда организмдин турмушка ылайыктуу тукум куучулук касиети көбүрөөк пайда болот. Мындай жол м-н алынган төл аргын (чалыш) деп аталат. Аргын мал организминин тукум куучулук касиетине байланыштуу жашоо шартына батыраак көнүгөт. А. асыл тукум ишинде породаларды түп-тамырынан бери жакшыртуу жолу катарында же малдын кунардуулугун жогорулатуу үчүн колдонулат. А. аркылуу Сов. Союзунда малдын көп породалары: аскания кою, казак уяң жүндүү кою, кострома ую, орлов жылкысы, кыргыз уяң жүндүү кою, чала уяң жүндүү тянь-шань кою, ала-тоо ую, кыргыз жаңы жылкысы чыгарылды. Өсүмдүктөрдү А. алардын түшүмүн жогорулатуу, жаңы формаларын, сортторун чыгаруу үчүн колдонулат. Ар кайсы шартта өскөн эки бөлөк сорттун бирин бири м-н А. жакшы натыйжа берет. А. жыныстык ж-а вегетативдик жол м-н жүргүзүлөт.

Өсүмдүк жасалма ж-а табигый жол м-н аргындашат: табигый А. шамал, аары ж. б-лардын жардамы аркасында өтөт; жасалма А-ну адам гана жүргүзөт. Мындай А-нун натыйжасында Кырг-нда арпанын «нарын-27», буудайдын «кыргыз-16» ж-а көп жылдык чөптүн «ысык-көл эспарцети» сыяктуу мыкты сорттору алынды.

АРДАК ГРАМОТАСЫ — СССРде мамлекет ж-а коом тарабынан граждандардын ж-а коллективдердин сиңирген эмгектерин баалоо формаларынын бири. Кырг-ндын чарб. ж-а маданий курулушундагы зор ийгиликтери үчүн өндүрүштүк, ил. ж-а коомдук-саясий жактан жемиштүү иштери, аскердик ж-а саясий даярдыгы, жог. көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн ж-а коммунисттик курулушта сиңирген башка өзгөчө эмгектери үчүн жумушчулар, колхозчулар, инж.-тех. кызматкерлер, кызматчылар, илимдин, ад-ттын ж-а иск-во ишмерлери, аскер кызматчылары, о. эле ишканалар, мекемелер, колхоз-совхоздор, эмгекчилер коллективдери, окуу жайлары ж-а мамл. коомдук башка уюмдар, аскер бөлүктөрү ж-а бирикмелери, областтар, райондор, шаарлар Кыргыз ССР Жог. Советинин А. г-сы ж-а Грамотасы м-н сыйланышы мүмкүн. Кыргыз ССР Жог. Советинин А. г-сы ж-а Грамотасы — респ-канын жог. сыйлыгы. А. г. ж-а Грамота Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун Указы м-н берилет. Соц. мелдештин алдыңкыларын А. г. м-н сыйлоо ж-де ВЦСПСтин 12-Пленуму (1944) сунуш кылган. Бул сунуш б-ча коллективдерди ж-а айрым жумушчуларды, инж.-тех. кызматкерлерин А. г. м-н сыйлоону профсоюздардын борб. комитеттери тийиштүү мин-волор ж-а ведомстволор м-н бирдикте, ал эми жерг. ө. ж. б-ча профсоюздардын респ-калык, обл. ж-а крайлык советтери союздук ж-а автон. респ-калардын мин. советтери ж-а эмгекчилер депутаттарынын обл. ж-а крайлык Советтеринин аткаруу комитеттери м-н бирдикте жүргүзүшөт.

АРДАКТУУ КАРООЛ — аскердик урмат көрсөтүү үчүн атайын даярдалган аскердик бөлүкчө. А. к. СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-лин, СССР Мин. Советинин Пред-лин, СССР Коргоо министрин, Сов. Союзунун Маршалдары м-н флот адмиралдарын тосуу үчүн түзүлөт. Салтанаттуу жыйналыштарга Туу алып кирип-чыгуу, мамл. эстеликтерди ачуу ж-а чет өлкөлүк өкүлдөрдү тосуу, узатуу үчүн А. к. коюлат.

АРДАКТУУ НААМ — СССРде мамлекет ж-а коом тарабынан граждандардын, коллективдердин өзгөчө эмгек сиңиргендигин баалоонун жог. формаларынын бири. А. н. союздук ж-а респ-калык болуп бөлүнөт. СССР Конституциясына ылайык өлкөнүн Ардактуу наамдарын белгилөө ж-а ыйгаруу СССР Жог. Советинин Президиумунун карамагына кирет. Мис.: Сов. Союзунун Баатыры (1934-ж. 16-апр.), Соц. Эмг. Баатыры (1938-ж. 27-дек.) ж. б. наамдар. Союздук ж-а автон. респ-калардын Конституцияларына ылайык респ-канын А. н-дарын белгилөө ж-а ыйгаруу ушул респ-калардын Жог. Советтеринин Президиумдарынын карамагына кирет. Мис.: Кыргыз ССРинин эл артисти, Кыргыз ССРинин эмг. сиң. мугалими, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу ж. б. наамдар.

АРДЕН ЖЫЛКЫСЫ — 19-к-да Бельгияда элдик селекция аркылуу чыгарылган жүкчүл жылкы. Өңү жээрде, тору, буурул; башы чоң, мукур моюн, өркөчү кең. Айгырынын боюнун бийикт. 150—164 *см*, тирүүлөй салм. 700—900 *кг*, бээсинин бийикт. 149—160 *см*, тирүүлөй салм. 600—700 *кг*. Бул жылкы Швеция, Голландия ж-а Данияда өстүрүлөт. СССРде жүкчүл орус жылкысын чыгарууга да пайдаланылган.

АРЕАЛ (лат. area — аянт, мейкиндик) — жаныбарлардын ж-а өсүмдүктөрдүн белгилүү түрү, уруусу, тукуму кездешүүчү жер бетинин айрым бир аймагы. А-дагы түр ошол аймактын бардык жеринен кездешсе, туташ А., аймакта түрлөр топ-топ болуп бөлүнүп кездешсе, үзүлмө А. деп аталат. А-дын өлчөмү, көлөмү ар

түрдүү. Мис., айрым түрлөр чакан аянттарда (тоо чокусунда, аралда, капчыгайда, көлдө) гана, башкалары өтө кеңири таралган бир нече материктерде, аймактарда жашайт. Кээ бир түрлөр (дан өсүмдүктөрү, таранчылар) жер шарынын бардык булуңбурчунда таралган. Булар космополиттер делет. А., түрлөр бөлөк жерге тараса, кеңеет, тескерисинче, айрым түрлөр азайса, кичирээт. Эгер ал жерде жашаган түр тукум курут болсо, А. жоюлуп да калат. Анын чеги табияттын шартына, организмдердин сабына ж-а аларга адамдын тийгизген таасирине карай өзгөрөт. А-ды изилдөө фаунаны, флораны аныктоодо мааниси бар. Ареал картага түшүрүлүп изилденет. Өсүмдүктөрдүн, айбанаттардын жайгашышы а. ч. зыянкечтеринин таралышын билүүдө, илдет таратуучуларды тактоодо А-дык карталардын ролу чоң.

АРЕК — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Төлөйкөн сельсоветине караштуу кыштак. «Төлөйкөн» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору ж-а т. ж. станциясы Кара-Суудан 32 *км* түш.-бат. тарапта. Калкы 726 (1970). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана ж-а медпункт бар.

АРЕНА [лат. (h) arena, сөзмө сөз — кум] — 1) Байыркы Римде оюн көрсөтүү үчүн имараттын ортосуна кум төшөлүп жасалган аянтча. Бул жырткыч айбандар м-н гладиаторлорду (кул же согуш туткундарын) кармаштыруу үчүн пайдаланылган. А. м-н көрүүчүлөрдүн ортосу суу толтурулган чуңкур же атайын тосмолор аркылуу тосулган. 2) 19-к-дан баштап А. (же манеж) деп цирктеги оюн коюлуучу, диаметри 13,5 *м* келген стандарттуу тегерек аянтча аталат.

АРЕНА (с п о р т т у к) — спорттук мелдештерди өткөрүү үчүн атайын жасалгаланган орун. Анда футбол талаасы, чуркоо жолу, секирүү, ыргытуу жайы үчүн секторлору болот. *Волейбол, баскетбол* аянтчалары да А-га кирет.

АРЕНДА, к. *Жер арендасы.*

АРЕНДАТОР (жалдоочу), к. *Жер арендасы.*

АРЕОГРАФИЯ (гр. Arēs—Марс ж-а ...*графия*) — Марстын бетинин көрүнгөн бөлүгүн изилдөөчү планета астрономиясынын бир бөлүгү. Марстын бети телескоп м-н каралып ж-а фотография аркылуу анын белгилүү бөлүктөрүнүн А-лык картасы түзүлгөн.

АРЕОПАГ — гр. (Áreis págos — Арес дөбөсү) — Байыркы Афиныдагы бийлик органы. Анын заседаниелери Арес дөбөсүндө өткөрүлгөндүктөн, ушундайча аталган. А. саясий, контролдоо, соттоо ж-а дин жагынан кеңири бийликке ээ болуп, адегенде аристократиянын, анан олигархиянын тиреги болгон. А-нын бийлиги улам чектелип олтуруп, акыры саясий бийликтен ажырап, кайсы бир уголовный ж-а диний кылмыштарды кароо милдетин аткарып калган.

АРЕОПАГИТИКТЕР — диний-филос. мүнөздөгү чыг-лар. Ал төрт трактаттан («Кудай ысымдары жөнүндө», «Асман иерархиясы жөнүндө», «Чиркөө иерархиясы жөнүндө», «Сырдуу дин илими») ж-а он каттан турган. А. 5-к-дын 2-жарымында пайда болуп, Афинынын 1-епискобу Дионисий Ареопагиттин атынан кол коюлган. Бирок кийинчерээк ал маалыматтар төгүнгө чыгат. А.— системага салынган о. кылымдык диний улама. А. Кайра жаралуу доорупа чейин диний-филос. мектептердин, багыттардын, белгилүү окуу куралдарынын ж-а о. кылымдын философиясынын идеялык уюткусу болгон. 14-к-дан тартып А. Россияга таркаган.

АРЕФЬЕВ Анатолий Васильевич (24. 11. 1918-ж. т., Волга боюндагы Ставрополь ш-часы) — сов. театр сүрөтчүсү. Кыргыз ССР (1962) ж-а СССР (1967) эл сүрөтчүсү. 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. Кыргыз мамл. Ленин ордендүү акад. опера ж-а балет театрында 1947-жылдан баштап сүрөтчү, анын башкы сүрөтчүсү (1949—71) болгон. 1974-жылдан Днепропетровск обл. опера ж-а балет театрында башкы сүрөтчү болуп иштейт. А. «Манас», «Айчүрөк», «Кыз Жибек», «Оптимисттик трагедия», «Жамийла», «Анар», «Чолпон», «Уйкудагы сулуу» ж. б. 79 опера ж-а балет спектаклин жасалгалаган. Анын чыг-лык ниети (замыселі) жог. деңгээлде аткарылышы м-н өзгөчөлөнүп турат. Спектаклдин көркөм образын жаратууда А. живопистик каражаттарды кеңири пайдаланып, режиссёрдун максатын социалдык-психол. жагынан терең ачууга аракеттенет. А.— респ-калык, бүткүл союздук ж-а эл аралык масштабда (Венна, Париж, Лондон, Бразилия) өткөрүлгөн сүрөт көргөзмөсүнүн бир нече ирет катышуучусу. Ал С. М. Киров атн. Ленинград акад. опера ж-а балет театрында, 1967-ж. Бүткүл союздук көргөзмөдө коюлган «Тынч Дон» операсы, Кыргыз мамл. Ленин ордендүү акад. опера ж-а балет театрындагы «Белгисиз солдат» ж. б. опералардын жасалгалары үчүн Биринчи даражадагы диплом алган. Кыргыз ССР Жог. Советинин 7-шайл. депутаты. А. Ленин ордени, Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.



А. В. Арефьев.

Ад.: [Д ж у с у п о в а О. Н.], А. В. Арефьев, Фр., 1958.

АРЗАМАС КАЗЫ — Горький обл-дагы Арзамас р-нунда чыгарылган каз породасы. Бул каздар ири, эттүү келет. Өңү көбүнчө ак, боз да болот. А. к. ийри, чолу, шиш тумшук болуп бөлүнөт. Тирүүлөй салм. 6—7 *кг*, жылына 15—20, айрымдары 40ка жакын жумуртка тууйт. Жумурткасынын салм. 170—175 *г*. Балапандары тез жетилип (7—8 айлыгында эле чоң каздардын салмагына жетет), жакшы семирет. Горький обл-да, Ортонку Поволжье, Чуваш АССРинде өстүрүлөт.

АРИД ЛИТОГЕНЕЗИ, к. *Литогенез.*

АРИДДИК КЛИМАТ — жарым чөл ж-а чөл климаты. А. к-та аба темп-расынын суткалык ж-а жылдык өзгөрүүсү кескин, жаан-чачын жок же өтө аз болот (жылына 100—150 *мм*). Жылдык орт. ымдуулук коэффициенти 30% түзөт. Сутка ичинде темп-ранын кескин өзгөрүшүнө байланыштуу жер кыртышындагы чулу тоо тектер талкаланып, кумга айланат. А. к. негизинен тропиктик ж-а субтропиктик алкактарга (Сахара, Араб ж. а-дагы чөлдөргө, Австралияга, о. эле Түн. ж-а Түш. Американын, Борб. ж-а О. Азиянын чөлдөрүнө) мүнөздүү.

АРИЗОНА — АКШнын батышындагы штат. Аянты 295 миң *км²*. Калкы 1752,1 миң (1970). Админ. борбору — Финикс. А. аймагынын борб. бөлүгү тоолуу (бийикт. 3861 *м* ге чейин). Түн.-чыгышын Колорадо ж-а түш.-чыгышын Хила платолору ээлеп жа-



А. В. Арефьев. «Чолпон» балети. «Сыйкырдуу дарак», Декорацияга эскиз. 1958.

тат. А.— АКШнын тоо-кен ө. ж. өнүккөн штаты. Жез казып алуу б-ча өлкөдө 1-орунда. Цинк, коргошун, күмүш, алтын өндүрүлөт. Штатта түстүү металлургия, металл иштетүү, тамак-аш, авиаракета ж-а радиоэлектроника ө. ж-лары бар. А-да дыйканчылык ж-а эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы өнүккөн. Эң маанилүү өсүмдүгү — пахта. Мындан башка ак жүгөрү, сорго, арпа ж-а цитрус жемиштери эгилет. Т. ж-нун уз. 4 миң *км*.

АРИЛДӨӨ — орг. бирикмелердеги суутектин, металлдын же галогендин атомдорун арил топтору (фенил C_6H_5, нафтил $C_{10}H_7$ ж. б.) м-н алмаштыруу реакциясы.

АРИЛЕР — тарыхый ад-т ар түрдүү мааниде урунган термин. «А.» деген түшүнүк 19-к-дын орто ченинен тартып гана инди-европа тилдеринде сүйлөгөн элдерди айырмалап белгилөө маанисинде айтыла баштаган. Термин айрыкча расисттик ад-тта (асыресе фаш. Германияда) өтө тенденциялуу, илимге жат мүнөз алган. Азыр «А.» термин инди-иран тилинде сүйлөгөн урууларга ж-а элдерге тиешелүү гана ил. так маанисинде колдонулат. Инди-иран элдери эң байыркы эстеликтерде өзүлөрүн А. деп аташкан. А. деген сөздөн геогр. ж-а этникалык бир катар аталыштар келип чыккан. Мис., Ирандын азыркы аталышы (Aryanam—«А». өлкөсү) ушул сөздөн алынган. Айрым уруулар да өзүн өзү А. деп атайт. Мис., индиялык аризанттар уруусу — «А.» уруусу, А-дин сармат уруусу ж. б.

АРИМЖАН — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Сакалды сельсоветине караштуу кыштак. «Коммунизм» к-зунун аймагында. Р-дун борбору Ленин-Жолдон 23 *км* түн.-бат. тарапта, Пахта-Абад (Өзбек ССРи) т. ж. станциясынан 14 *км*. Калкы 675 (1970). Башталгыч мектеп ж-а китепкана бар.

АРИОЗО (итал. arioso, aria — ария) — адатта *арияга* караганда көлөмү чакан ж-а эркинирээк формада жазылган операдагы (оратория, кантатадагы) жалгыз ырдалуучу вокалдык эпизод. А. көбүнчө ырдоонун декламациялык түрүндө колдонулат. Мис., Ленскийдин (Чайковский, «Евгений Онегин»), Айнажандын (Абдраев, «Жаш жүрөктөр») ж. б.

АРИП — алфавит тамгаларынын, белгилердин ж-а цифралардын графика түрүндөгү формасы. А. графикалык мүнөзүнө жараша орусча, латынча, немецче, грузинче, армянча, грекче, арабча ж. б. болуп бөлүнөт. Орусча А. СССР элдеринин тилдерине ылайыкталып, кошумча тамгалар м-н толукталган. Басмаканалык А. аткарган милдетине жараша тексттик (жалаң текст басуу үчүн), титулдук (китептин атын, мукабасын, элементтерин басуу үчүн), акциденттик (к. *Акциденттик терүү*) деп аталат. Ар бир А-тин составына кичине тамга, баш тамга, капителдер (жазылышын өзгөртүүчү 7 тамга: а, б, в, р, с, у, ф) кирет. Сүрөтү, жазылыш түрү б-ча А. төмөнкүчө айырмаланат: а) жайлапышына жараша — тик, жантык, курсивдүү; б) энине жараша — кадимкидей, ичке, жоон; в) басылышына жараша — ачык, бүдөмүк кара, капкара. Бир эле А-тин өлчөмү түрдүүчө болушу мүмкүн (к. *Кегель*). СССРдө колдонулуучу стандарттуу басмакана А-тери жазылышындагы айырмалануучу белгилерине ылайык 6 группадан турат: 1) ад-ттык, банниковдук, таблицалык; 2) жөнөкөй, жаңыча жөнөкөйлөштүрүлгөн, елизаветалык; 3) академиялык, мектептик, журналдык, жаңыча газеталык; 4) рекламалык; 5) кесилген, байыркы, плакаттык, газета, журнал үчүн кесилген; 6) каллиграфиялык (кол жазмага окшош), кол м-н баса турган машинканын тамгалары. А. кол м-н жазуу, сүрөткө тартуу, ташка, темирге, жыгачка оюп түшүрүү ж-а басмаканада куюп алуу жолдору м-н даярдалат. А. басмаканада кол м-н (тамгалай), монотипте (тамгалай) ж-а линотипте (саптай) терилип алынат.



Ариптердин негизги 5 группасынын графиктик белгилери.

АРИСИМА ТАКЭО (1878—1923) — япон жазуучусу. Аристократ үй-бүлөсүндө туулган. Чыг-лык иши 1910-жылдан башталган. Жаш кезинде анархизмди ж-а П. А. Кропоткиндин көз карашын жактаган. Кийинчерээк социализмдин идеялары м-н таанышкан, рев-ялык кыймылды экон. жактан колдогон. «Каиндин тукуму» (1917) аңгемесин, «Жарыкчылыкка келгендеги азаптар» (1918) повестин жазган. А. Т.— аялдар эркиндигин жактаган «Жалгыз аялдын тарыхы» (1913—19) аттуу романдын автору. А. Т. өлөргө жакын өзүнө тиешелүү жерин дыйкандарга өткөрүп берген.

АРИСМЕНДИ Родней (21. III. 1913-ж. т., Серро-Ларго департаменти, Рио-Бранко) — Уругвайдын жумушчу кыймылынын ишмери. Кесиби журналист. 1931-жылдан Уругвай компартиясынын (УКП) мүчөсү. 1936—39-ж. Уругвай коммунисттик жаштар федерациясынын секретары. 1937-жылдан УКП БКнын мүчөсү. 1940—41-ж. УКП-нин Борб. органы «Хустисия» газетасынын башкы редактору, 1941—44-ж. коммунисттик «Диарио популар» газетасынын жооптуу редактору болуп иштеди. 1944-жылдан УКП БК Аткомунун мүчөсү. 1946—50-ж. партиянын Монтевидео департаменттик комитетинин секретары. 1951-ж. Компартиянын улуттук комитетинин, 1955-жылдын июлунан октябрына чейин УКП БК Улуттук комитетинин ген. секретары болуп иштеди. 1955-жылдын октябрынан УКП БКнын биринчи секретары. 1946-жылдан парламенттин депутаты. 1974-ж. СССРдин Эл Достугу ордени м-н сыйланды.

АРИСТОКРАТИЯ (гр. aristokratia — мыкты, эң атактуулардын күч бийлиги) — 1) мамл. бийлик привилегиялуу ак сөөк азчылыктын колунда болгон мамл. башкаруу формасы. 2) Ак сөөк — кандайдыр бир таптын башкадан өзгөчө укуктуу бөлүгү (Римдеги патрицийлер, Афиныдагы эвпатрилер, дворянство ж. б.). «А.» деген сөз 1-жолу байыркы грек ойчулдары (*Платон*, *Аристотель*, кийинчерээк Полибий) тарабынан ошол кездеги кулчулук мамлекетин башкаруу формаларынын бирин белгилөө катары сунуш кылынган. Кулчулук А-нын үлгүсү болуп байыркы грек Спартасы эсептелет. Анда бардык бийлик толугу м-н бир топ гана белгилүү «мыкты» уруудан чыккан адамдардын колунда болгон ж-а бийлик мурас катары өтүп турган.

АРИСТОНИК — Пергамдагы кулдардын ж-а кедейлердин социалдык кыймылынын жетекчиси; Пергамдын падышасы Эвмен IIнин никесиз төрөлгөн уулу. Б. з. ч. 133-ж. Аттал III өлгөндөн кийин, А. анын тушунда башталган калктын төмөнкү катмарынын кыймылына жетекчилик кылды. Анын максаты Пергам падышалыгын ээлеп, жыргал заман орнотуу болгон. Көтөрүлүшкө К. Азиядагы кээ бир шаарлар, Пергам ш-нын калкы, жалданма аскерлер ж. б. катышкан. Б. з. ч. 131-ж. А. Левка ш-нын жанында римдик легиондорду талкалаган, бирок 130-ж. Марк Перпернадын аскерлеринен жеңилген. 129-ж. Стратонике ш-да колго түшкөн. Римге жөнөтүлүп, ал жерде өлүм жазасына тартылган.

АРИСТОТЕЛЬ (б. з. ч. 384—322) — байыркы замандын улуу философу ж-а энциклопедист-илимпозу. А. Фракиядагы Стагир ш-да туулган. Жети жашында *Платондун* академиясына кирип, *Платон* өлгөнчө (20 жыл бою) ошондон билим алган. Б. з. ч. 343-ж. А. *Александр Македонскийдин* тарбиячысы болгон. 335-ж. Афинада өз мектебин уюштурат. Македонский өлгөн соң Афинадан кетип, б. з. ч. 322-ж. дүйнөдөн кайтат. А. өзүнө чейинки филос. м-н илимдин жетишкендиктерин жалпылап, системага салып, ар түрдүү илим тармагынан көп сандаган эмгектерди калтырган. Платондун идея ж-дөгү идеалисттик илимин сынга алса да, А. философиянын негизги маселесин чечүүдө идеализм менен материализмдин ортосунда олку-солку болуп (Ленин В. И., Чыг., 38-т., 321-б.), Платондун идеализминен биротоло кутула алган эмес. А-дин пикири б-ча, материалдык дүйнө объективдүү жашап, Платондун «идеясына» эч муктаж эмес; жаратылыш материалдык негизи бар нерселерден куралып, дайыма кыймылда, өзгөрүүдө турат. А. бытие ж-дөгү илимге, жаратылышка, б. а. бардык заттардын негизи деп санала турган алгачкы материяны аныктоого көп көңүл бурган. Тышкы дүйнөнүн реалдуулугун моюнга алат, бирок жалпы менен жекенин, түшүнүк менен туюнун, маңыз менен кубулуштун диалектикасында чаташат (бул да ошондо, 420-б.). А. өзүнүн форма м-н материя ж-дөгү окуусунда ал түшүнүктөрдүн өз ара байланышын ачып, маанилүү пикирлер айтат. Бирок мында да ал идеалисттик көз карашка жеңдирип, материя алсыз, формага көз каранды деп түшүндүрөт. А-дин идеалисттик көз карашы, өзгөчө анын форманы бирден-бир активдүү күч, «биринчи түрткү» ж-а материядан мурда болгон нерсе кудай («форманын формасы») деп түшүнүшүнөн ачык көрүнөт. Анын форма ж-дөгү окуусу объективдүү идеализмге жатат. Бирок бул идеализм, В. И. Ленин айткандай, «Платондун идеализмине караганда объективдүүрөөк, обочорөөк, жалпыраак, мына ошондуктан ал натурфилософияда көбүрөөк материализмге алып келет» (бул да ошондо, 317-б). А-дин таанып-билүү теориясынын да мааниси зор. Ал Платондун идеалистче таанып-билүү теориясына каршы туруп, материалдык дүйнө, жаратылыш таанып-билүүнүн предмети ж-а сезүүбүздүн объективдүү булагы деп жарыялаган.


Аристотель.

Адамдын аң-сезиминен тышкары турган материалдык дүйнөнүн таасири м-н сезүү пайда болот. А-дин ушу пикирин В. И. Ленин: «бул материализм»,— деп белгилейт. А. логика илимине негиз салып, анын көп маселелерин ж-а категорияларын иштеп чыгып, негизги закондорун формулировкалаган. Өзү иштеп чыккан логика илимин «Аналитика» деп атаган. Ф. Энгельстин айтуусунча, «...Аристотель диалектикалык ойлоонун эң маанилүү формаларын изилдеген» («Анти-Дюринг», кырг. бас., 22-б.). «А-де,— деп жазат В. И. Ленин,— бардык жерде объективдик логика субъективдик логика менен аралашып кетет жана аны менен бирге, кайсы жерде болсо да объективдик логика көрүнүп турат» (Ленин В. И.,Чыг., 38-т., 418-б.). А-дин коомдук-саясий көз караштарында да карама-каршылыктар бар. Маркска чейинки философтор сыяктуу эле А. да коомдун өнүгүшүн идеалистче түшүнгөн. Ал социалдык-саясий көз караштары б-ча кул ээлөөчүлөр табына ыктаган, кул ээлөөчүлүктү табигый нерсе деп билген. А. мамлекеттин, үй-бүлөнүн келип чыгышын да изилдеген. Анын пикиринче, мамлекеттин пайда болушуна адамдардын биригип турмуш куруп, өз ара мамиле жасоого умтулушу себеп болгон, б. а. анын чыгышын табигый өнүгүүнүн натыйжасы деп түшүнгөн. Башка айбанаттардан адамдын айырмасы акыл эмгеги м-н иштешинде деп билген. А. мамлекеттин келип чыгуу себептерин коомдук турмуштан, андагы таптык каршылыктардан издебей, адамдын жаратылышынан издеген. А. мамлекет ж-дөгү теориясында кул ээлөөчүлөр табынын орто катмарынын мүдөөсүн коргогон. Платондун идеалдуу мамлекет ж-дөгү теориясын четке кагып, мамл. бийлик байларда да эмес, кедейлерде да эмес, кул ээлөөчүлөрдүн орто катмарынын колунда болушу керек дейт. А. кул ээлөөчүлүк мамлекеттин формасын үчкө бөлөт: монархия — бир адамдын бийлиги, аристократия — азчылыктын бийлиги, демократия — көпчүлүктүн бийлиги. Булардын ичинен монархияны биринчи катарга коёт. Мамл. бийликти колуна алган «кеменгер адам» коомдун материалдык ж-а моралдык жагынан өркүндөтүлүшүнө зор таасир кылат деп ойлогон. А. көркөм чыг-лыктын теориялык негиздерин да иштеп чыккан. Асыресе анын адабий чыг-ларды классификациялаганы эмдигиче колдонулуп келатат. Марксизм-ленинизм классиктери А-дин философиясын байыркы грек философиясынын чокусу деп эсептеп, анын реакциячыл идеяларын сынга алат ж-а прогрессчил идеяларын жогору баалайт.

Ад.: Ахманов А. С., Логическое учение Аристотеля, [М., 1960]; Зубов В. П., Аристотель, М., 1963; аль-Фараби, Философские трактаты, А.-А., 1970.

АРИСТОФАН (б. з. ч. 445—385-ж. ченде) — байыркы грек драматургу, «комедиянын атасы». А. жөнүндө маалымат өтө аз. Ага таандык деп эсептелген 44 комедиянын он бири: «Ахарндыктар» (425), «Атчандар» (424), «Булуттар» (423), «Аарылар» (422), «Тынчтык» (421), «Куштар» (414), «Фесмофорий майрамындагы аялдар жана «Лисистрата» (411), «Бакалар» (405), «Аялдар эл жыйынында» (392), «Плутос» (388) гана сакталып калган. А. комедияларында согуш саясатын, күчөп бара жаткан социалдык теңсиздикти ашкерелеген, элге жан тартып, аларга болгон жакшы каалоо, тилектерин билдирген. Сатиранын чебери А-дын комедияларын Э. Роттердамский, Г. Фильдинг, Н. В. Гоголь, В. Г. Белинский, сов. сынчы А. В. Луначарский ж. б. жогору баалаган. А-дын комедиялары сов. театрлар тарабынан коюлуп келатат.

Ад.: Соболевский С. И., Аристофан и его время, М., 1957.

АРИТМИЯ (*а...* ж-а rhythmós — ритм) — жүрөктүн бир калыпта согушунун бузулушу. А. болгондо жүрөктүн капысынан өтө тез кагуусу сезилип, жыйрылуулардын аралыгындагы убакыттын бирдей эместиги байкалат. А-га жүрөк оорулары (миокардит, кардиосклероз), нервдин жүрөктү башкаруу ишинин бузулушу ж. б. себеп болушу мүмкүн. Дем алган учурда балдарда, өспүрүмдөрдө жүрөктүн тез кагуусу физиол. өзгөрүү болуп саналат. Дарылоо үчүн А-га себеп болгон дартты жоюп, жүрөктүн бир калыпта согушун калыбына келтирүү керек.

АРИФМЕТИКА (гр. arithmós — сан) — сандар ж-а алар м-н иштелүүчү амалдар ж-дөгү илим. А-да натуралдык сандардан баштап комплекстүү сандарга чейин окулат. Мектепте окулуучу А-да оң бүтүн сандар м-н бөлчөктөр, аларга колдонулуучу А. амалдары, саноо, өлчөө жумуштарына байланыштуу эсептерди ичине алган маселелер чыгарылат. Мындан башка сандар алгебрада, теория маселелери сандар теориясында каралат. А. саноо м-н өлчөөнүн муктаждыгынан келип чыгып, байыркы мад-т бешиги болгон Египет м-н Вавилонияда өзүнчө илим болуп калыптанат. Араб цифралары м-н сандарды саноо Индияда пайда болгон. Б. з. ч. 7—4-к-дарда грек илимпоздору Пифагор, Евдокс (б. з. ч. 408—555), Евклид, Эратосфен (б. з. ч. 276—194), Архимед, Диофант А-нын теориялык маселелерин өркүндөтүшкөн. 7—15-к-дарда А. амалдарын өркүндөтүүдө Чыгыш илимпоздору аль-Хорезми, аль-Каши да өз үлүшүн кошкон. Россияда 17-к-дын башталышына чейин гректердикине окшош номерлөө колдонулган, оозеки номерлөөнүн 50 разрядга чейинки системасы мында мыкты иштелип чыккан, 18-к-дын башталышында А. колдонмолорунун ичинен Ломоносов жогору баалаган Магницкийдин «Арифметикасы» (1703) олуттуу маанинге ээ. Лобачевскийдин геом. улуу ачуулары сыяктуу жаңы эмгектердин духунда математиканын логикалык негиздери сынга алынып, кайра карала баштады. Ушуга байланыштуу 19-к-да А-ны аксиомалардын негизинде иштеп чыгуу башталат. 19-к-дын орто ченинде немец математиги Г. Грасман кошуу ж-а көбөйтүү амалдарын аныктоочу аксиомалардын негизги системасын тандап алган. А-ны аксиомалардын системасында түзүү б-ча Грасмандын ишин итал. математик Пеано өз эмгектеринде аягына чыгарган. Пеанонун эмгектеринде негизги түшүнүктөрдүн системасы ачык белгиленип көрсөтүлгөн. Толук индукция аксиомасы амалдардын грасмандык аныктоолорунан пайдаланып, натуралдык сандардын жалпы касиеттерин далилдөөгө мүмкүндүк берет.

Ад.: Гребенча М. К., Арифметика, 2 изд., М., 1952; Берман Г. Н., Число и наука о нем, 3 изд., М., 1960; Депман И. Я., История арифметики, 2 изд., М., 1965.

«АРИФМЕТИКА АЧКЫЧЫ» — Улутбек м-н бирге иштешкен белгилүү

окумуштуу Гиясиддин Джемшид ибн Масуд аль-Кашинин (14-к. Иран, Кашан ш.— 1429) ил. эмгеги. «А. а.» бүтүн, бөлчөк сандарга, астрон. өлчөөлөргө, эсептөөлөргө, белгисиздерди табууга арналган 5 китептен турат. Ал 1889-ж. Тегеранда басылып чыккан.

АРИФМЕТИКАЛЫК КАТАР — өзгөрмө x тин удаалаш оң бүтүн ($x = 1, 2, 3,... n,...$) маанилеринде m тартиптеги $P(x) = a_0 + a_1x + ... + a_mx^m$ көп мүчөнүн ээ боло турган маанилеринин удаалаштыгы. Эгерде $m = 1$ делсе, $P(x) = a_0 + a_1x$ 1-тартиптеги А. к. $a_0, a_0 + a_1,...a_0 + na_1,...$ келип чыгат да, арифм. прогрессия болот. $P(x) = x^2$ же $P(x) = x^3$ болгондо, бүтүн сандардын квадраттарынын же кубдарынын удаалаштыгы 0, 1, 4, 9, ...n^2,... же 0, 1, 8, 27,...n^3,... келип чыгат. Булар 2- ж-а 3-тартиптеги А. к-дын айрым учурлары. Эгерде жанаша турган мүчөлөрүнүн айырмаларынын (2-минус биринчи, 3-минус экинчи ж. у. с.) удаалаштыгын, андан кийин ошол жаңы удаалаштыктын мүчөлөрүнүн дагы эле ошондой айырмаларын (2-айырмаларды), 2-айырмалардын удаалаштыгынан дагы жаңы айырмаларды (3-айырмаларды) түзсөк ж-а бул процессти m-айырмаларга чейин улантсак, анда бардык m-айырмалар өз ара барабар келет да, ал удаалаштык m-тартиптеги А. к. болот. Мына ушул касиетти пайдалануу м-н ар түрдүү тартиптеги А. к-лар түзүлөт.

АРИФМЕТИКАЛЫК ОРТО САЙ — бир нече сандардын суммасын алардын санына бөлүүдөн алынган чоңдук. $a_1, a_2, ..., a_n$ сандарынын А. о. с-ны $\frac{a_1+a_2+...+a_n}{n}$ болот. Бир нече сандын А. о. с-ы берилген сандардын эң кичинеси м-н эң чоңунун ортосунда жатат.

АРИФМЕТИКАЛЫК ПРОГРЕССИЯ (лат. progressio — өсүү) — сандардын экинчи мүчөсүнөн баштап ар бири өзүнөн мурдагы мүчөгө А. п-нын **айырмасы** деп аталуучу бир эле d санын кошуудан алынуучу катар. А. п-нын биринчи мүчөсү a_1, айырмасы d болсо, анда анын мүчөлөрү: $a_1, a_1 + d, ..., a_1 + nd, ...$ болот. Эгер $d > 0$ болсо, А. п. өсүүчү, $d < 0$ болсо, ал кемүүчү деп аталат. А. п-нын жалпы мүчөсү $a_n = a_1 + d\ (n-1)$ м-н аныкталат да, бардык мүчөлөрүнүн суммасы $S_n = \frac{a_1+a_n}{2} \cdot n$ болот.

АРИФМЕТИКАЛЫК ТҮЗҮЛҮШ — электрондук эсептөөчү машинанын (ЭЭМ) сандар м-н арифм. ж-а логика операцияларын жүргүзүүчү негизги бөлүгү. Арифм. операциясына кошуу, кемитүү, көбөйтүү, бөлүү амалдары кирет. А. т-то бөлүү, тамырдан чыгаруу, даражага көтөрүү ж-а логарифм табуу стандарттуу программа б-ча аткарылат. ЭЭМде арифм. амалдарынын бардыгы кошуу амалы м-н иштелет. А. т. ЭЭМдин эске тутуучу ж-а борб. башкаруу түзүлүштөрү м-н байланышкан. Эске тутуучу түзүлүштөн алгачкы сандар алынып, борб. башкаруучу түзүлүштөн буйрук («кош», «кемит», «көбөйт» ж. б.) берилгенде, А. т. тийиштүү амалды аткарып, натыйжасын кайра эске тутуучу түзүлүшкө берет. А. т. бир нече каттагычтан (регистрден), сумматордон, логикалык тизмектен ж-а башкаргыч түзүлүштөн турат. Сандарды кошуунун ыкмасына карата А. т. удаалаш, жарыш ж-а аралаш (удаалаш-жарыш) иштөөчү болуп бөлүнөт. **Удаалаш** иштөөчү А. т-то сандарды кошууну бир разряддуу сумматор аткарып, кошулуучу сандардын бардык разряддагы кичинесинен чоңуна чейин биринин артынан экинчиси удаа өтөт. **Жарыш** иштөөчү А. т-то ар бир кошулуучунун бардык разряддары сумматорго бир убакта берилип, сумматордогу разряддын саны кошулуучулардын разрядынын санына туура келет. **Аралаш** иштөөчү А. т. удаалаш ж-а жарыш иштөөчү А. т-тордун экөөнүн ишин тең аткара алат.

Ад.: Карцев М. А., Арифметика цифровых машин, М., 1969; Прохоров В. И., Погорелко И. А., Яковлев В. А., Основы программирования для электронных цифровых вычислительных машин, М., 1967.

АРИФМЕТИКАЛЫК ҮЧ БУРЧТУК, Паскалдын үч бурчтугу — биномдун коэффициенттерин түзүүдө колдонулуучу сандардан турган үч бурчтуу

1
1 1
1 2 1
1 3 3 1
1 4 6 4 1
. . . .

таблица (к. *Ньютон биному*). А. ү. б-тун капталдарында бир деген сандар, анын ичинде жог. эки сандын суммасы жазылган. А. ү. б-тун $(n+1)$ сабында $(a + в)^n$ туюнтмасынын биномдук коэффициенттери келип чыгат.

Ад.: Успенский В. А., Треугольник Паскаля, М., 1966.

АРИФМОМЕТР (гр. arithmós — сан ж-а ... *метр*) — арифм. амалдарды аткаруучу кичинекей эсептегич машина. Арифм. эсептөөлөр жүргүзүүчү машинаны Б. Паскаль ойлоп тапкан (1641), бирок арифм. амалды иш жүзүндө чыгаруучу 1-машинаны саат мастери немец Ган жасап чыгарган (1790). Петербургдук механик В. Т. Однер Россияда А-ди жасап чыгаруу ишин 1890-ж. жолго койгон. А. керектүү санды эсептегичке коюучу ж-а алмаштыруучу механизмдер, айландырууну, натыйжаны эсептегичтер ж-а жок кылуучу түзүлүштөр, кол же электр аркылуу кыймылга келтиргичтер м-н жабдылган. А-дин рычагдуу, кош секциялуу ж-а автоматташтырылган түрлөрү бар. Эсептөө техникасынын өсүшү м-н мех. А. клавиштүү машиналарга алмаштырылып жатат.

АРИЕЛЬ — Уран планетасынын 3-спутниги. Анын радиусу 300 *км*, планетадан 192 миң *км* алыстыкта, орбитасы Уран экваторунун тегиздигине жайланышкан. А-ди 1851-ж. англ. астроном У. Лассель ачкан.

АРИЯ — операда, ораторияда же кантатада ырчы ж-а оркестр аткаруучу бүтүн бир эпизод. Операнын драматургиялык өнүгүшүндө А. драманын монологуна окшош. А. операда көп учурда каармандын жан дүйнөсүн ачуудагы учур, негизги форма болот. Ал обондуулугу м-н айырмаланат. А-нын ариетта, ариозо, каватина, кабалетта ж. б. түрлөрү бар. Обондуу кайрыктарга бай аспаптык пьеса да А. деп аталат.

АРКА (лат. arcus — дого, ийилген) — имараттардын, дубалдардын аралыгын түркүктөр, колонналар, пилондор аркылуу бириктирип турган таянычы.



А.— имараттардын архит. маанилүү элементи, ал конструкциянын тосмолоруна ж-а стилдин талаптарына ылайык өзгөрүп турат. 19-к-дын 2-жарымында А. жаңы өркүндөтүлгөн формалар м-н металлдан курулган. Мындай жаңы архит. мүмкүнчүлүк 20-к-да темир-бетон А-ларынын пайда болушуна алып келген. Алар чоң имараттарда, көпүрөлөрдө, спорттук курулуштарда ж-а метро станцияларынын интерьерлеринде колдонулат.

АРКА — Ош обл-нын Лейлек р-нундагы Бешкент сельсоветине караштуу кыштак. «Кайрак-Кум» суу сактагычынын түш.-бат. тарабында. А. кыштагы эки бөлүктөн турат: бир бөлүгү «Коминтерн», экинчиси «Бешкент» к-зунун аймагына кирет. Р-ндун борбору — Исфанадан 80 *км* түн. тарапта, Ленин-Абад т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 1056 (1971). 2 орто мектеп, 2 китепкана, 2 медпункт ж-а клуб бар.

АРКА ТҮРҮНДӨГҮ БЕКИТКИЧ — тоо-кен казмасынын үстүнөн жасалган басым күчтүү болгондо колдонулуучу бекиткич. Негизинен чегүүчү, шарнирдүү ж-а жылбас арка түрүндөгүлөрү пайдаланылат. Чегүүчү А. т. б. узак убакыт иштетилүүчү казмаларда, шарнирдүү арка — тазартуу жумуштары иштелген чөйрөдө, жылбас арка тоо-кен басымы туруктуу болгон капиталдык ж-а даярдоо казмаларында колдонулат. А. т. б. Кырг-ндын шахталарында 1950-жылдан бери кеңири пайдаланылып жатат.

АРКАДА (фр. arcade — ирет, катар, кырка) — бири бирине окшош кырка

аркалардан турган архит. негиз. Ал түркүккө же колоннага сүйөлгөн катыбында имараттын дубалдарынын ички ж-а тышкы бөлүктөрүнө көрк берип турат. Архит. имараттарда ж-а курулуштарда А-ларды колдонуунун мааниси зор.

АРКАК — кездемени эриш жиптерине туурасынан айкалыштырылган жиптер. Көздемө токуучу станокто А. жиби иреттүү эки топко бөлүнгөн эриш жиптеринин ортосуна оң-солго өткөрүлөт. Эриш жиптерге караганда А. жиби бышык болбосо деле жарай берет, ошон үчүн начар сапаттагы булалардан жасалып, ийиргенде да аз чийратылат.

АРКАК ТҮРГҮЧ АВТОМАТ — аркак жиби түрүлгөн чыгырыкты бош чыгырык м-н алмаштыруучу машина. УПС-260 маркасындагы А. т. а-та түрмөктөн чыккан жип кергич жабдыктан, роликтен, жип үзүлгөндө чыгырыкты токтотуучу жабдыктын көзүнөн, жипти жылдыргычтын илмегинен өтүп, чыгырыкка түрүлөт. Чыгырыкты бекиткич кыскычтардын бирөө жетелөөчү, экинчиси жетеленме болот. Чыгырыкка жип түрүлүп бүткөндө, жетелөөчү кыскыч токтоп калып, жетеленме кыскыч чыгырыкты кыспай бошоткондо, чыгырык ящикке түшөт. Анын ордуна жаңы чыгырык автоматтык түрдө берилип, аркак түрүү улантылат. А. т. а. эмгек өндүрүмдүүлүгүн *аркак түргүч машинага* караганда 3—4 эсе жогорулатат.

АРКАК ТҮРГҮЧ МАШИНА — аркак жибин чыгырыкка түрүүчү машина. Токуучу машинанын ийигине чыгырык кийгизилет да, эки кыскыч м-н кысылат. Ийик айланганда чыгырык кошо айланып, аркак жибин түрөт. Аркактын чыгырыкка текши түрүлүшү атайын механизм м-н жөнгө салынат. Жип чыгырыкка түрүлүп бүткөндө же үзүлгөндө, чыгырык өзүнөн өзү токтолот. Жиптин жоондугу бирдей экени атайы орнотулган приборлордун жардамы м-н текшерилип турат.

АРКАК ТЫГЫЗДАГЫЧ ЖАБДЫК — токуучу станоктун негизги бир бөлүгү. Бул жабдык улам жаңы өтө турган аркак жибин, мурда өткөрүлгөн аркак жибинин жанына кыпап, тыгыздайт. Миңдеген аркак жиптер тыгыздалып, кездемө узундугун жаратат.

АРКАЛЫК (1965-жылга чейин — посёлок) — Казак ССРинин Торгой облнын борбору, шаар. Областтын эң четки түн.-чыгышындагы Акжар суусунун жээгинде жайгашкан. Тобол — Целиноград т. ж-нун акыркы станциясы. 1956-ж. боксит кенин өздөштүрүүгө байланыштуу пайда болгон. 1970-жылдан тартып областтын борбору. Калкы 15 миң (1970). А-та Павлодар алюм. з-дунун базасы болгон Торгой боксит рудниги, темир-бетон комбинаты, жылуулук электр станциясы, типогр., нан ж-а сүт з-ддору бар.

АРКАН — болот зымдардан, синтетикалык ж-а өсүмдүк буласынан (кендир) даярдалган жиптерден чыйратылып же өрүп жасалган жоон жип. А-дар жасалган материалына жараша металл А. ж-а жөнөкөй А. деп бөлүнөт. **Металл** А-дар созулууга туруктуулугу 900—3500 *Мн/м²* (90—350 *кгк/мм²*) болгон жумуру алюм. сымынан эшилип жасалат. Анда сымдар 18ден 31ге чейин, туурасынан кесилиши кырдуу, тик бурчтуу, чарчы ж-а жумуру түрдө болот. Өрмө А-дар экөөнү оңго, экөөнү солго чыйратып эшкен жиптен даярдалат. **Жөнөкөй** А-дар кендир, пахта ж-а синтетикалык булалардан жасалат. А. негизинен курулушта, транспортто, балык ж-а токой ө. ж-ларында колдонулат. Кыргыздар үй тиричилигинде жүнгө кыл кошуп кол м-н эшкен А-дарды урунуп келген. Эл арасында кыл (жылкынын жал-куйругу, эчкинин жүнү) көп кошулуп жасалса, кыл аркан, металлдан жасалгандарын — сым А., өсүмдүк буласынан эшилгенин кендир А. деп атаган. Кыргыздар күндөлүк тиричилигинде малдарды отко коюу (аркандоо), козу-улактарды көгөндөө, кулундарды желеге байлоо, көчүп-конгондо үй буюмдарын таңуу, боз үйдүн айрым бөлүктөрүн бириктирип байлоо ж. б. үчүн кеңири колдонулган. Илгери арканды убакытты белгилөө ж-а узундук чени (күн аркан бою көтөрүлдү; үч аркан бойлобогон терең кудук) катары да колдонуп келишкен.

АРКАН ТАРТМАЙ — күч сынашуу максатында ойнолуучу жаштар оюну. Бул оюн көбүнчө майрамдарда, оюн-шоок кечелеринде өткөрүлөт. Оюндун эрежеси жөнөкөй: эки жааттан бирдей санда жигиттер чыгат; аралыгы 2 *м* болгон чийин чийилет; оюнга катышкандарга эки учу түйүлгөн аркан берилет. Калыс адам белги берери м-н, арканды тартышуу башталат. Кайсы тараптын алдындагы оюнчусу чек сызыктан өтүп кетсе, ошол тарап утулат. Арканды кээ бир жерлерде жекеме-жеке да тартышат.



АРКАНЗАС — АКШдагы дарыя, Миссисипинин оң куймасы. Уз. 2410 *км*, алабынын аянты 470 миң *км²*. Аскалуу тоолордон башталып, терең ж-а тар капчыгайлар аркылуу Улуу ж-а Борб. түздүктөрүнө чыгат. Орт. жылдык чыгымы 1800 *м³/сек*. А. жаз айларында кирип, жайында пошорлогон жаан учурунда ташкындайт. Декабрда суу тартылат (эң аз чыгымы 33 *м³/сек*). Дарыя киргенде, суунун деңгээли 8 *м* ге чейин көтөрүлөт (Литл-Рок ш-на жакын жерде). Жог. агымы кышында тоңот. 1000 *км* ге чейин кеме жүрөт. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Уичито, Талса ж-а Литл-Рок ш-лары жайгашкан.

АРКАНЗАС — АКШнын түштүгүндөгү штат. Аянты 137,5 миң *км²*. Калкы 1969 миң (1967). Админ. борбору — Литл-Рок. ш. А. Миссисипи өзөнүнүн оң жээгинде Арканзас д-сын бойлой жайгашкан. Түн.-батышында Уошито (863 *м* ге чейин) ж-а Бостон (823 *м*) тоолору жатат. Климаты субтропиктик, жайы ысык, кышы жылуу. А.— агрардык штат. Дыйканчылыгы өнүккөн: пахта (негизинен Миссисипи өрөөнүндө), буурчак, шалы, соя эгилет. Пахта жыйноо б-ча А. өлкөдө 4-орунда. Канаттуулардын этин өндүрүү б-ча негизги орунду ээлейт (1967-ж. 365 млн. канаттуу). Нефтини кайра иштеп чыгаруу, химия, токой ж-а кагаз ө. ж. ишканалары бар. Т. ж-нун уз. 64 миң *км*.

АРКАР ОТУ (Dracocephalum) — өсүмдүктүн эрин гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Сабагы 4 кырдуу тик же төшөлмө, жалбырагы тегеректеше жайгашып, гүлү 2 эриндүү. А. о.— эфир майлуу ширe өсүмдүк. А. о-нун 45ке жакын түрү бар, алар негизинен Түн. Америкада, Азияда, Европада кеңири таралган. СССРде 40 түрү бар, алардын көпчүлүгү О. Азияда. Кырг-нда 16 түрү өсөт. А. о-нун молдавиялык түрү бал алынуучу өсүмдүк катары айдалат. Нектары тунук, түссүз, лимон жыттуу, канттуулугу 60%ке жетет. Балынын өңү агыш, сапаттуу. А. о-нун айрым түрлөрү көөздүк үчүн өстүрүлөт; айрымдарынан дары алынат.

АРКАР-КУЛЖА (ovis ammon) — койлор уруусундагы кийиктин бир түрү; эркеги — кулжа, ургаачысы — аркар. Кулжасы ири, башы чоң, мүйүзү артына карай буралып өсөт. Салм. 200 *кг* га жетет. Аркардын мүйүзү

кыска ж-а ичке. Салм. 90 *кз* дан ашат. А.-к-ның жүнү тайкы. Ал Памирде, Каз-ида көп кездешет. Кырг-ндын Талас, Суусамыр, Ак-Сай, Алай, Соң-Көл, Сары-Жаз ж. б. тоолорунда бар. А.-к-лар көбүнчө салкында топ-тобу м-н жайылып, бетеге, шыбак жейт, күн ысыганда, айланасы көрүнүп тургандай жерге жуушайт. Алардын жат алуу сезими күчтүү. Адамдын ж-а жырткычтардын жытын алыстан сезип, качып кутулат. Кулжасы күзүндө (ноябрь-дек.) жүгүрөт. Жазында аркарлары 1—2ден козу туулт. А.-к-лардын эти ж-а териси баалуу. Илимпоздор кой м-н аркарды аргындаштыруу жолу м-н аркар-меринос деген жаңы тукум чыгарышты.

АРКОЗДОР, *аркоз кумдуктары* — негизинен *гранит, гнейс* ж. б-дын талкалануусунан пайда болгон катуу тоо тектер. А. талаа шпаттары, кварц, кээде слюда ж. б. минералдардын бүртүкчөлөрүнөн турат. Өңү кызгылт, кызыл же агыш, одуракай бүртүкчөлүү, сыртқы көрүнүшү гранитке окшошураак. Түш. Кырг-нда, айрыкча *бор мезгилинде* пайда болгон тоо тектердин арасында көп учурайт.

АРКТИКА (гр. arktikós — түндүк) — Жер шарынын түн. уюл областы. А-га Түн. Муз океаны бүт дээрлик, Евразия ж-а Түн. Америка материктеринин, Тынч ж-а Атлантика океандарынын четки түн. бөлүктөрү кирет.

Табияты. Жалпы мүнөздөмө. А. түштүгүнөн Түн. полярдык алкак (66°33′түн. кенд.) м-н чектелет. Аянты 21 млн. *км*². А-га көп убакта тундра зонасын кошушат. Анда аның аянты 27 млн. *км*² чамасында болуп, жер бетинин 5,3% туура келет. А-ның тажигый шарттары катаал: полярдык күн ж-а түн басымдуулук кылат; радиациялык балансы төмөн, жылдык орт. темп-расы терс; жаан-чачын кар түрүндө түшүп, кургактыкта меңгү, түбөлүк тоң, деңиз акваториясында муздар кеңири таркалган. Ушундай өзгөчөлүктөрдүн натыйжасында А. өзүнчө ландшафттык-геогр. областты түзүп, эки табигый зонага: *арктикалык чөлдөр* ж-а *тундралар* болуп бөлүнөт.

Рельефи. А-ның материктик бөлүгүн Чыг. Европанын, Бат. Сибирь түздүктөрүнүн чет жакалары, Түн. Сибирь, Яна-Индигирка ж-а Колыма ойдундары түзөт. Тоолуу жерлери аз, алардын өтө бийиктери Таймыр ж. а-дагы Бырранга тоосу (1146 *м*) ж-а Верхоян кырка тоолорунун түндүгү ж. б. Түн. Американын материктик бөлүгүндө адырлуу боксо тоолор, аралдарында түздүктөр басымдуу. Эң бийик тоолор Гренландиянын чыгышында (Түн. Гунбьерн, 3700 *м*), Баффин Жеринде (2591 *м*) ж-а Элсмир а-да (2926 *м*). А-ның көпчүлүк бөлүгүн (13 млн. *км*²) Түн. Муз океан алып жатат. Бул жерде четки деңиздер (Баренц, Ак, Карск, Лаптевдер, Чыг. Сибирь ж-а Чукот) өзгөчө, терең. 200 *м* ге чейин жеткен шельфтик областтар өөрчүгөн. Океандын борб. бөлүгү — Арктикалык бассейн — өтө терең (5449 *м*) котловиналардын (Амундсен, Нансен ж. б.) ж-а суу астындагы кырка тоолордун (Ломоносов, Менделеев ж. б.) областы.

Геологиялык түзүлүшү жана пайдалуу кендери. А-ның чет жактарындагы материктик жээктерде, аралдарда кембрийге чейин ж-а палеозой м-н мезо-кайнозойдо пайда болгон татаал комплекстүү чөкмө ж-а түрдүү составдагы интрузия, эффузив тоо тектери кездешет. Анын структуралык түзүлүшүнө байкал, каледон, герцин, мезозой бүктөлүүлөрү бөлүп турган байыркы платформалар (Чыг. Европанын ж-а Сибирь платформасының түн. бөлүктөрү, Канада *калканының* түн. жагы,



Арктика, Жалпы көрүнүш.

Гренландия калканының көпчүлүк бөлүгү кирет. Байыркы бүктөлүүлөрго Тамандагы, Медвежий м-н Элсмир а-дарындагы, Түп.-Бат. Гренландиядагы байкалиддер, Скандинавиядагы, Бат. Шпицбергендеги, Чыг. Гренландиядагы, Корнуоллис а-дагы, Түн. Жердин түн.-бат. бөлүгүндөгү каледониддер кошулат. Эң жаш бүктөлүү системаларына герцин (Пайхой — Жаңы Жер, Инпуит, Таймыр — Түн. Жер), мезозой (Жаңы Сибирь — Чукотка, Түн. Аляска) бүктөлүүлөрү кирет. А-да таш көмүр, таш туз, темирдин, алтын, түстүү ж-а сейрек металлдардын, оптикалык сырьёлордун кендери белгилүү.

Климаты. Полярдык күн м-н түндүн алмашуусуна байланыштуу А-да Күндүн радиациясы бирдей эмес. А-ның түш. райондорунда радиациялык баланс оң: 420—630 *Мдж/(м²·жыл)* [10—15 *ккал/(см²·жыл)*], ал эми борб. бөлүгүндө терс 85—125 *Мдж/(м²·жыл)* же 2—3 *ккал/(см²·жыл)*. Бирок жылуулуктун мынча азайышы абанын ж-а суу массаларынын агымы м-н толукталат. А-да аба ырайынын өзгөрүшү, жаан-чачындын күчөшү кышында, көбүнчө Атлантика океанынан келген циклондорго байланыштуу. Материкте, өзгөчө Сибирь бөлүгүндө антициклондук циркуляция үстөмдүк кылат. Бул жерлер өтө суук келет, жаан-чачын аз. А-да Түн. Атлантика жылуу агымы учураган жерлеринин январдагы орт. темп-расы —2, —4°, Бат. Гренландияда, Баренц деңизинин түндүгүндө, Баффин, Чукот деңиздеринде — 25°Сге чейин, Сибирь жагында, Түн. Канадада —32, —36°С, Гренландиянын түндүгүндө, А-ның борб. бөлүгүндө —45, —50°С, миним. темп-ра —55, —60°Сге чейин төмөндөйт. Жайкысын абанын темп-расы жогорулайт: А-ның борб. бөлүгүндө июлдун орт. темп-расы 0,—1°С, макс. 4—5°С, материк жээктеринде 20—25°С. Атлантика океаны тарабында жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү 350—400 *мм*, Сибирде ж-а Түн. Уюлга жакын жерлерде 150—200 *мм*, Канада жагында 100—120 *мм*.

Деңиз муздары жана мөңгүлөрү. Океандын бетин жыл бою калкыма муздар (кышында 11 млн. *км*² ге жакын, жайында 8 млн. *км*²) каптап жатат. Бир жылдык муздардын калыңд. 0,8—1,8 *м*, көп жылдык муздардыкы — 3—4 м, үйөрлөрдүн бийикт. 3—5 *м*, айрымдары 10—15 *м* ге чейин жетет. А-ның материктик ж-а аралдардагы муздуктардын жалпы аянты 2 млн. *км*² ден ашса, мөңгүлөрдүн калыңд. 700—1000 *м* ден ашпайт (Гренландия а-да 3408 *м* ге чейин).

Дарыялары жана көлдөрү. А-ның материктик бөлүгү аркылуу бир катар ири дарыялар (Печора, Обь, Енисей, Лена, Индигирка, Колыма, Колвилл ж. б.) агып өтөт. Аралдарда майда суулар учурайт. Материктик тундраларда, аралдарда көлдөр көп. Алардын эң ириси — Таймыр көлү.

Топурагы. Абанын темп-расынын төмөндүгү, түбөлүк тоңдун кеңири таркалышы, нымдуулуктун ашыктыгы кыртыштын түзүлүү процессин өтө начарлатат. Ошондуктан Түн. Муз океандын аралдарында арктика, материктө тундра топурагы өөрчүгөн.

Өсүмдүктөрү. А-да негизинен өңүлчөк ж-а мохтор өсөт. Мындан башка ар кандай бадалдардын 500гө жакын түрү бар.

Жаныбарлары. А. өзгөчө деңиз жаныбарларына бай. Арктикалык зоогеогр. областта жаныбарлардын 3 миңдей түрү кезигет. Алардын көпчүлүгү омурткасыз. Балыктын 150 түрү ж-а деңиз сүт эмүүчүлөрдүн 17 түрү жашайт. Материкте жашоочу жаныбарлар да сейрек учурайт. Жайкысын келгин куштар көп.

Эл аралык укук абалы. А. СССР, АКШ, Канада, Дания ж-а Норвегия мамл-терине тийиштүү 5 секторго бөлүнгөн. Сов. секторго Ненец ж-а Ямал-Ненец улут округдары, Таймыр улут округу м-н Коми АССРинин, Мурманск обл-ның ж-а Якут АССРинин түн. р-ндору, Чукот улут округу, Франц-Иосиф Жери, Жаңы Жер, Түн. Жер, Врангель, Новосибирск а-дары тийиштүү. Калган мамлекеттердин секторлоруна Алясканын (АКШ), Канаданын түн. р-ндору, Канаданын Арктика архипелагы ж-а Гренландия а-ы (Дания), Шпицберген архипелагы (Норвегия) кирет.

Изилдениш тарыхы. 10-к-да нормандыктар Гренландияга, 12-к-дан баштап орустар Колгуев, Вайгач ж-а Жаңы Жер а-дарына жетишкен. 1648-ж. орус саякатчысы С. Дежнев Америка м-н Азиянын ортосундагы кысыкты, 18-к-да Улуу түн. экспедициясы (Х. П. ж-а Д. Я. Лаптевдер, С. Г. Малыгин, С. И. Челюскин ж. б.) Азия материгинин түн. жээгин картага түшүрүшкөн. 19-к-да ж-а 20-к-дын башында А-да маанилүү ачууларды ж-а изилдөөлөрдү росс. М. Геденштром, Ф. П. Врангель, П. К. Пахтусов, В. А. Русанов, Г. Я. Седов ж. б., норв. Ф. Нансен, англ. Джон Росс ж. б. саякатчылар жүргүзүшкөн. А-ның изилдениш өздөштүрүлүшүнүн жаңы этабы Совет бийлигинин мезгилине туура келет. Изилдөөлөр пландуу түрдө муз жаргыч кемелердин, авиациянын, радио ж. б. тех. каражаттардын жардамы м-н 20-жылдары жүргүзүлө баштаган. 1930—35-ж. О. Ю. Шмидт ж. б-дын жетекчилиги м-н бир нече экспедициялар уюштурулган. 1937-ж. Түн. Уюлда 1-жолу жылып жүрүүчү станция («СП-1») иштеп, ага И. Д. Папанин жетекчилик кылган. Ушул эле жылы В. П. Чкалов, Г. Ф. Байдуков, А. В. Беляков 1-жолу Түн. Уюл аркылуу АКШга учуп өтүшкөн. 2-дүйн. согуштан кийин А-ны изилдөөдө совет окумуштуулары зор ийгиликтерге жетишти. Бул багытта АКШ м-н Канада да бир топ иш жүргүзүшөт.

Калкы. А-да калк өтө аз. СССРге тийиштүү бөлүгүндө 1 *км*² га 0,1—0,2 киши туура келет. Негизинен якут, ненец, долган, эвенк, чукча, орус, украин ж. б. улуттар жашайт. Совет бийлигинин мезгилинде Норильск, Дудинка, Нарьян-Мар, Тикси, Диксон, Игарка ж. б. ш-лар, ири порттор пайда болду. А-ның чет элдик аймактарында 1 *км*² га 0,03 киши туура келет, жерг. калкы—эскимостор. Америкалыктар м-н европалыктар негизинен тоо кен ө. ж. пункттарында ж-а аскердик базаларда жашайт.

АРКТИКА АЛКАГЫ — Жер шарынын түндүгүндөгү геогр. алкак. *Арктикалык* көп бөлүгүн ээлейт. А. а-ның чети өтө жылуу айдын 5°С изотермасы б-ча жүргүзүлөт, ал арктика чөлдөрү м-н тундра зоналарының чек арасы болуп саналат. Табиятынын негизги өзгөчөлүктөрү: арктика аба массасы үстөмдүк кылат, климаты катаал (кышы суук, узак; жайы кыска, салкын), биол. ж-а геохим. процесстер начар өөрчүгөн.

АРКТИКА ЖАНА АНТАРКТИКА ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ (ААНИИ) — Арктика м-н Антарктиканын жаратылышын комплекстүү изилдөөчү Ленинграддагы илимий мекеме. 1920-ж. Түн. илимий промыселдик экспедиция катары уюшулуп, 1925-ж. Түндүктү изилдөө ин-туна айланган. 1958-жылдан ААНИИ деп аталып, 1963-жылдан СССР Мин. Советинин алдындагы Гидрометеорол. кызматтын башкы башкармасынын карамагында. ААНИИ Арктикага миңден ашык экспедиция уюштурду. Антарктикада көптөгөн геогр. ачуулар жасалды. ААНИИ да метеорология, гидрология, геофизика, океанология, муз процесстерин алдын ала изилдөөчү ж. б. 15тен ашык бөлүм ж-а лабораториялар бар. ААНИИ 1967-ж. Ленин ордени м-н сыйланган. «Труды ААНИИ», «Труды Советской Антарктической экспедиции», «Проблемы Арктики и Антарктики», «Информационный бюллетень Советской антарктической экспедиции» деген эмгектерди чыгарып турат.

АРКТИКАЛЫК КЛИМАТ — Арктикага мүнөздүү дайыма суук окүм сүргөн климат. Ал негизинен күн кыйгач тийип, анын радиациясынын аз өлчөмдө түшүшүнүн ж-а түбөлүк муздардын илебинин таасиринен пайда болот. Абанын темп-расы жалпысынан 0°тан төмөн болуп, анын төмөнкү чеги —50°ка жетет. Туман, булут каптап, бороон болуп турат. Жаан-чачын аз өлчөмдө (100—200 *мм*), негизинен кар аралаш майда жамгыр түрүндө түшөт. Жылуу күндөр уюлда бир ай, деңиз жээктеринде 2—3 ай гана болот. Полярдык кеңдиктердин көп жерлеринен *антициклон* үзүлбөйт, к. *Арктика*.

АРКТИКАЛЫК ҮЧҮНЧҮЛУК ДООРДУН ФЛОРАСЫ — Арктика, Азия, Европа ж-а Түн. Америкада палеоген, неоген (үчүнчүлүк) мезгилиндеги кеңири таралган флора. Ал кезде бул жерлерде Түн. уюлдагы мелүүн климаттын таасиринен көбүнчө ийне жалбыракчуу токой болгон. Ал токойлордун арасында кайың, эмен, терек, тал, жаңгак, жапайы жүзүм, тюльпан дарагы, ак чечек, магнолия, чынар ж. б. кездешкен. Түн. уюлдан түштүккө алыстаган сайын климат жылуураак келип, эмендүү каштан токою басымдуу боло баштаган. Арасында таксодиум, пальмә, секвоя, кипарис ж. б. өскөн. Демек, үчүнчүлүк мезгилде Түн. уюлдун (азыркы Арктиканын) борборунан тартып мелүүн алкакка чейин климаттын жылуулугуна жараша бүт бойдон токой каптап турган. Үчүнчүлүк мезгилдин аягында климат кескин түрдө төмөндөп, өсүмдүктөр түштүккө карай жылып, азыркы тропиктик ж-а мелүүн климаттын флорасына негиз болгон. Түн. жарым шардын үчүнчүлүк мезгилдеги флорасын Гренландиядагы, Шпицбергендеги палеонтологиялык табылгалар далилдейт.

АРКЫТ — Ош обл-ның Жаңы-Жол р-ндагы Сары-Челек көлүнө чектеш жаткан жаңгак токоюна бай табигый кооз жер. Р-ндун борбору Караванданан 18—20 *км* түн.-чыг. тарапта. Чаткал, Узун-Акмат (батышында), Бозбу (чыгышында) тоолорунун ортосунда; түндүгүндө Сары-Челек көлү жатат. А-тын аянты 20,7 миң *га* га жакын. Уз. 25 *км*, туурасы 12 *км* ге чейин. Бийикт. 1200 *м* ден 4247 *м* ге (Муз-Тор) чейин. А-тын жог. жагында аскалуу тар капчагайлар көп. Өрөөн аркылуу Кожо-Ата суусу агат, жылдык орт. чыгымы 4,67 *м*³/*сек*, нугунун туурасы 10—12 *м*. А-тын кышы жылуу ж-а нымдуу, жайы салкын. Июлдун орт. темп-расы 20—23°С, январдыкы —1?, —12°С. Жылдык жаанчачыны 450 *мм* ден ашык. Мезо-кайнозойдун кызыл, боз түстөгү чөкмө тектеринен турат. Тоого өрдөгөн сайын жаңгак токойлору сейректеп, карагай м-н алмашат. Ар түрдүү өсүмдүктердүн көптүү өрөөндүн табиятына өзгөчө көрк берет. Мында жыгачтын 32, бадалдын 80, чөптүн 886дан ашык түрү бар. Токойдо жаңгак, алма, алмурут, алча, кара өрүк, өрүк, чие, бадам, жүзүм, шилби, четин, карагай, кайың, ал эми субальпы алкагында (2100—3000 *м*) ийнедин бир нече жапайы түрү, кымыздык ж. б. өсөт. Жаныбарлары: аюу, карышкыр, түлкү, тоо өчки ж. б. А.— мамлекеттик табигый мөмө-жемиш даярдоочу токой чарбасынын бири, *Сары-Челек коругуна* карайт. Өрөөндө жайкысын жүздөгөн табиятты сүйүүчүлөр болушат; пионер лагерлери бар.

Лд.: Алиев З., Байгуттиев С., Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, Фр., 1972; Плодовые леса Южной Киргизии и их использование, М.—Л., 1949; Заповедники Советского Союза, М., 1969.

АРКЫТ — Ош обл-ның Жаңы-Жол р-ндагы «Кызыл-Туу» сельсоветине караштуу кыштак. Кожо-Ата суусунун боюнда. Р-ндун борбору Карабандан 40 *км* түн.-чыг. тарапта. Калкы 715 (1974). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

АРМАВИР — РСФСРдин Краснодар крайындагы шаар. Кубань д-ның сол жээгинде, Чоң Кавказ тоосунун этегинде. Шоссе, т. жолдорунун тоому. Калкы 145,5 миң (1970). Түн. Кавказдын ири ө. ж. борборлорунун бири. Эт-консерва ж-а малдын майын чыгаруучу комбинаттары, прибор куруу, машина сыноо, электр техника, жыгач иштетүү ж. б. Пед. ин-т, Краснодар политех. ин-тунун филиалы, машина куруу, механика-технол., зоовет. ж-а юридикалык техникумдар, мед. окуу жайы бар. А. 1848-ж. негизделген.

АРМАЙН ПАНЕ (1908-ж. т.) — Индонезия жазуучусу. «Пужанга Бару» журналын негиздөөчүлөрдүн бири. Индонезия интеллигенттери ж-дө жазылган «Этүүд» романының, «Эл арасында» аңгемелер жыйнагының автору. А. П. улуттук реалисттик драматургиянын өсүшүнө чоң салым киргизген. Айрым пьесалары орусчага которулган. Ф. М. Достоевскийдин, И. Г. Эренбургдун чыг-ларын которгон.

АРМАН — кыргыздын муз. фольклорунда ж-а комуз музыкасында кеңири өнүккөн жанрдын бири. А-да негизинен кыргыз элинин өткөн замандагы кайгы-муңу, кедей, жетим-жесирлердин оор турмушу, улан-кыздардын бири бирине жетпей зарланышы,

малга сатылган кыздардын муңу баяндалат. Комузда А. күүлөрү жеңекей кайруулардан тартып кеңири масштабдуу классикалык күүлөргө чейин өскөн. Мис., «Көкөй кести», «Кыздын арманы», «Арман күү», «Жетим баланын арманы», «Музоокенин муңдуу күү» ж. б. А. күүлөрдүн айрымдары каймана түрүндө «Чымчыктын арманы», «Армандуу чымчык», «Күкүктүн зары» дегендей канаттуулардын аттары м-н коштолсо, айрым А. күүлөрү авторунун ысмы м-н коштоп айтылат: «Абактын арманы», «Арстанбектин арманы», «Серкебайдын арманы» ж. б. А. обон, күүлөр ушул азыр да композиторлордун тарыхый муз. драма, опера симфонияларында пайдаланылууда.

Ад.: Алагушов Б., Таңшы комуз, Фр., 1968.

АРМАН ЫРЛАРЫ — коомдогу теңсиздик мамилелерден, жетишпеген турмуштан ж-а жеке башка түшкөн абыгерчиликтен пайда болгон элдик оозеки чыг-лардын бир түрү. А. ы. өзүнүн тематикасы ж-а мазмуну б-ча ар түрдүү болот. Коомдук-социалдык теңсиздик «Жокчулук», «Койчунун арманы», «Чалга берген кыздын арманы» сыяктуу мазмундагы ырлардын жаралышын шарттаган. Элве кеңири тараган «Ак Мөөр», «Күлсүн», «Ак Берметтин арманы», «Оойдай», «Чалга берген кыздын арманы» аялдар теңсиздигинен келип чыккан. Жеке адамдын башына түшкөн абыгерчилик да арман ырларын пайда кылган. Мис.: «Баласыз аялдын арманы», «Жалгыздын арманы», «Сокурдун арманы», «Эненин арманы», «Карылык» ж. б. А. ы. элдик ырчылардын чыг-ларында да кездешет. Буга Токтогулдун сүргүндө жүргөндөгү («Түткүн ыры», «Түткүндагы арман») карылык, жалгыздык ж-дөгү ырлары мисал. Коомдун өзгөрүшү м-н А. ы-нын мазмуну да өзгөрөт. А. ы-нын айрым элементтери азыр да кездешкени м-н, ал жанр катары өнүгүүдөн калды.

АРМАНД (Стеффен) Инесса (Елизавета Федоровна) (26.4. 1874—24.9. 1920) — большевиктер партиясынын ж-а эл аралык коммунисттик кыймылдын ишмери. 1904-жылдан Компартиянын мүчөсү. Парижде артисттин үй-бүлөсүндө туулган. А. 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышып, печен жолу камакка алынып, сүргүнгө айдалган. Эмиграцияда жүргөн. 1911-ж. *Лонжюмодогу партиялык мектепте* лекция окуган. В. И. Ленин-дин бир катар эмгектерин ж-а парт. чечимдерди француз тилине которгон. 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин А. Россияга келет. Бүткүл россиялык 7-(Апрель) партконф-янын, РСДРП(б)-нин 6-съездинин делегаты. Москвада куралдуу көтөрүлүштү даярдоого катышкан. Окт. рев-ясынан кийин РСДРП(б)-нин Москва губкомунун бюросунун, губаткомунун мүчөсү ж-а губ. эл чарба советинин пред-ли. 1918-жылдан РКП(б) БКнын алдындагы жумушчу аялдар бөлүмүнө башчылык кылган. 1920-ж. Коминтерндин 2-конгрессинин ишине активдүү катышкан, коммунист-аялдардын эл аралык 1-конференциясынын ишине жетекчилик кылган.

АРМАТУРА (лат. armatura — жарак, жабдык) — машинанын, конструкциянын, курулуштун негизги бөлүктөрүнө кирбеген, бирок алардын туура иштешин камсыз кылуучу, көбүнчө стандарттуу кошумча түзүлүштөр м-н тетиктердин комплекси. А-ның төмөндөгү түрлөрү: **өткөрүүчү түтүк** А-сы (суу, буу, газ ж. б. үчүн), **электр машина куруудагы** А., **электр тармагындагы** А. (патрон, ажыраткыч, розетка ж. б.), **жарык техникасындагы** А., **меш** А-сы (металлургияда) колдонулат. Меш А-сы — мештин бекемдигин күчөтүүчү ж-а анын сыртқы бетин муздатуучу металл бөлүктөрүнүн жыйындысы. А. курулуш иштинде кеңири керектелет. *Темирбетон конструкциясынын* А-сы—чоюу-кысуу күчүнө туруштук берип, бетондун чыдамдуулугун күчөтүү үчүн анын ичине орнотулуучу болот каркас. Мында негизинен пийлигич А. (швеллер, бурчтук ж. б.) пайдаланылат. Темир-бетон конструкциясындагы А. жумушчу, монтаждык ж-а күч бөлүштүргүч болуп бөлүнөт. Жумушчу А-да темир-бетон конструкциясы эсептелген өлчөмдөргө туура келтирилип, туурасынан кесилиш аянты эсептелип алынат. Монтаждык ж-а күч мүмкүндүктөргө карата белгиленип, каркастар ж-а сым тор жасалат. А-ның бетон м-н илинишүүсүн күчөтүү үчүн стерженддер толгонуп, сыртына быдыр салынат, сымдар өрүлөт. Бекемдигине жараша А. бир нече класска бөлүнөт. Көэ бир А. үчүн айнек пластикасы, бамбук ж. б. материалдар пайдаланылат.

Ад.: Новые виды эффективной стальной и стеклопластиковой арматуры для железобетонных и армированных бетонных конструкций. Сб. ст., М., 1966.

АРМАТУРА ИШТЕРИ — темир-бетон жасоо ж-а бетон куюу үчүн арматураны даярдоо, орнотуу жумуштары. А. и. төмөндөгүдөй ыраатуулукта аткарылат: 1) арматуралык стерженди камдоо — түрмөктөлүп оролгон, диаметри 10 *мм* келген арматуралык болоттор кескич автоматта, болок-болок стержень түрүндө жеткирилген жоон сымдар бири бирине ширетилип, кайчы м-н кесилет же бул иштер автоматтык катарда аткарылат. Стержень станокто ийилет же түзөтүлөт; 2) арматуралык торду ж-а каркасты даярдоо — камдалган темир өзөктөр контакттуу же жаадык ширеткич м-н ширетилет; 3) алдын ала чыналтылган темир-бетон конструкциясы үчүн арматураны даярдоо — бул жумуш узундугун ченеп алуучу, сымдарды кесүүчү ж-а чогултуучу түзүлүштө иштелет; 4) арматураны жыйноо ж-а монтаждоо — мурда даярдалган каркас же стержень түрдүү ыкма м-н ширетилип, имараттын фундаментине кран, кондуктор м-н орнотулат.

АРМАТУРАЛЫК БОЛОТ — темир-бетон конструкцияларынын арматурасы де А-1 ж-а А-2 классындагы А. б. көмүртектүү (Б-3 ж-а Б-5), кеңири колдонулуучу А-3 классындагы А. б. кремний-марганецтүү болоттон (35ГС ж-а 25Г2С) ж-а А-4, А-5 классындагы ото бекем А. б. марганец, хром, титан жө циркөний кошулган болоттон даярдалат. Арматуралык сымдар көмүртеги түрдүү өлчөмдө (0,12—0,85%) болгон болоттон жасалат. Арматуранын бекемдиги болоттун хим. составына (көмүртектин ж. б. кошулмаларынын өлчөмүнө) ж-а сапаттуу иштетилгендигине байланыштуу.

АРМИЯ (фр. armée, лат. armo — куралдандырам) — 1) кургактагы аскерлер, аскер-деңиз флоту; 2) мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн жалпы жыйындысы; 3) операция жүргүзүүгө дайындалган аскердик оперативдүү бирикме. Мамлекеттердин куралдуу күчтөрүнүн көбөйүшү, алардын кеңири фронтто жайгашуусу ж-а ар түрдүү багытта аракеттенчү аскер топторун башкаруунун кыйындашы, о. эле согуш аракеттерин жүргүзүүгө таасир тийгизген жаңы факторлордун пайда болушу бир эле *согуш театрында* А-ларды түзүү зарылдыгын туудурду. Ар бир А-ның номери, өзүнчө штабы, тылы, *Аскердик совети бар.* А. бир кишинин (командачынын) жетекчилиги м-н жекече оперативдик милдеттерди аткарат.

АРМИЯГА ЖАНА ФЛОТКО ЧАКЫРУУ — СССРде граждандарды Законго ылайык жалпыга бирдей милдеттүү аскердик кызматка чакыруу. А. ж-а ф. ч. СССР коргоо министрлигинин буйругу б-ча жылына 2 жолу (май-июль ж-а ноябрь-дек. айларында) жүргүзүлөт. Ар жылы февр.-март айларында 17 жашка толгон граждандар чакыруу пункттарына келип катталат. Аны даярдоо ж-а жүргүзүүнү райондук (шаардык) аскер комиссариаттары ишке ашырат. Чакырылуучуга атайын даярдалган күбөлүк берилет. Райондук (шаардык) аскер комиссариаты тарабынан түзүлгөн атайын комиссия кароодон өткөрөт ж-а ар түрдүү аскердик бөлүктөргө бөлүштүрөт. Эгер чакырылуучунун ден соолугу начар болсо, оорусунун түрүнө байланыштуу тактакыр же убактылуу бошотулат. Райондук комиссиянын ишине обл., реси-калык аскер комиссиялары жетекчилик кылуу м-н граждандын арыздарын ж-а өтүнүчтөрүн текшерип, тийиштүү жыйынтык чыгарат.

АРМИЯНЫН МОРАЛДЫК ДУХУ — согуштун тагдырын чечүүчү факторлордун бири. Аскердик техника айрыкча күч алган азыркы мезгилде бүткүл армия составынын саясий аң-сезимдүүлүгү, моралдык туруктуулугу, аның тартиптүүлүгү душманга сокку берүү негизги күч болот. Мамлекеттин коомдук-саясий түзүлүшү—моралдык факторлордун булагы. Армия, соц. өлкөлөрдө марксизм-ленинизмдик идеология м-н да куралданат. Уюштуруу ж-а идеология ишиндеги коммунисттик партиянын акылман жетекчилиги биздин армияга ар дайым моралдык дух берет. Коммунисттик идеологияга таянган соц. өлкөлөрдө жаңы адам пайда болуп, жаңы типтеги аскер тарбияланат.

АРМСТРОНГ Нил (1930-ж. т., Огайо шт., Уапаконета ш.) — АКШнын учкуч-космонавты. 1955-ж. Пердь университи (Индиана шт., Лафайетт ш.) бүтүргөн, адистиги—авиац. техник. Согуш-деңиз флотунун офицери, кийин Льюис изилдөө борборунда учкуч-сыноочу. 1962-жылдан АКШнын космонавттар тобунда болуп, 1966-ж. 16-мартта «Джемини-8» космос кораблин м-н (Д. Скотт экөө) космоско учкан. А. 1969-ж. 16—24-июлда «Аполон-11» кораблин м-н (экипаждын мүчөлөрү: Э. Олдрин, М. Коллинз) дүйнөдө биринчи жолу Айга учуп, 20-июлда ага барып конгон. 21-июлда Айдын бетинде биринчи кадам шилтеп, аның үстүндө (Олдрин м-н) бардыгы 21 с 36 *мүн* болгон, кийин Жерге кайтып келишкен.



Н. Армстронг.

АРМЯН БАГРАТИЛЕРИ, Багратуниler — Армениядагы байыркы таасирлүү княздар тукуму. А. Б. ж-дөгү адепки маалыматтар б. з. ч. 1-к-га таандык. Б. з. ч. 4-к-дан баштап А. Б-нин саясий таасири Арменияда күчөйт. Арабдарга каршы бошт. күрөштө А. Б. жетекчилик кылышкан. А. Б. өкүлдөрү Ашот III, Смбат II ж-а Гагик I сыяп турганда булардын падышалык династиясы гүлдөп өнүккөн. Кийинчерээк феодалдык чыр-чатактар ж-а бытырандылык мамлекетти начарлатып, Арменияны 1045-ж. Византия басып алышында Гагик II колго түшүшү м-н А. Б-нин династиясы бүткөн.

АРМЯН ЖАЗУУСУ — Армян ССРинде ж-а чет мамлекеттерде жашаган армяндар колдонгон жазуу. Ал 405—406-жылга жакын грек (Византия) ж-а түн. арамей жазуусунун негизинде армян епископу Месроп Маштоц тарабынан түзүлгөн. 12-к-да эки жаңы тамга м-н толукталган. А. ж-су азыр 39 тамгадан турат. А. ж-нун графикасы жазууга жеңилдетилген бир топ өзгөрүүгө дуушар болгон.

АРМЯН СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ, Армения (Айастан — армяндар өлкөсү) 1920-ж. 29-ноябрда түзүлгөн. 1922-жылдын 12-мартынан 1936-жылдын 5-декабрына чейин Закавказье федерациясынын составында болуп, 1936-ж. өз алдынча СССРге кирген. Закавказьенин түштүгүнөн орун алган. Түндүгүнөн ГССР, чыгышынан Азерб. ССРи, түштүгүнөн Иран, батышынан Түркия м-н чектешет. Жеринин аянты 29,8 миң км². Калкы 2785 миң (1974). Респ-када 36 район, 24 шаар, 33 ш. т. поселок бар. Борбору — Ереван.



Мамлекеттик түзүлүшү. Армян ССРи—ыктыярдуулук ж-а тең укуктуулук негизинде СССРдин составына кирген жумушчулар м-н дыйкандардын суверенитеттүү соц. мамлекети, сов. союздук респ-ка. А. конституциясы 1937-ж. 23-мартта Армения Советтеринин Чукул чакырылган IX съездинде кабыл алынган. Армян ССРинин мамл. бийлигинин жог. органы — 4 жылда бир жолу шайлануучу Жог. Совет, эл эми сессиялардын аралыгында — Жог. Советтин Президиуму. Бир палатадан турган респ-канын Жог. Совети респ-канын өкмөтүн — Мин. Советин түзүп, закондор чыгарат. Райондук, шаардык, поселоктук, селолук бийлик органдары — 2 жылга шайлануучу эмгекчилер депутаттарынын жерг. Советтери. А-да соттун жог. органы — респ-канын Жог. соту, ал Армян ССРинин Жог. Совети тарабынан 5 жылга шайланат. Армян ССРинин прокурорун СССРдин Ген. прокурору 5 жылга дайындайт.

Табияты. А. — тоолуу өлкө. Армян тайпак тоолорунун түн.-чыгышынын бир аз бөлүгүн эзелйт. Жеринин 90% деңиз. деңг. 1000 *м* бийиктикте жатат. Орт. бийикт. 1800 *м*, эң бийик жери — Арагац тоосунда (4090 *м*), эң жапыз жери Дебед өзөнү (түн.-батышында) ж-а Аракс (түн.-чыгышында) 350—400 *м*. Түндүгүндө Сомхет, түн.-батышында Джавахет, түштүгүндө Базум, Памбак, түш.-чыгышында Зангезур кырка тоолору созулуп жатат. Борб. бөлүгүндө Севан көлү бар.

А-ның аймагы *Жер Ортолук деңиз бүктөлүү кыркоосунун* ички бөлүгүнөн орун алган. Мында кембрийге чейинки мезгилден антропогенге чейинки тоо тек катмарлары кездешет. Жашы, составы б-ча ар түрдүү интрузия тоо тектер да кеңири тараган. Айрыкча юра ж-а палеогендин жанар тоо чөкмө тоо тектери көп. Плиоцендин акырында жанар тоолордун атылышы күчөп, негизги лавалардын агымы Кичи Кавказдын борб. бөлүгүндө бир нече платону (Котайк, Егвард, Апаран, Ширак ж. б.) пайда кылган. Антропогендин акырындагы ири тектоникалык кыймылдардын натыйжасында Арагац массиви, Гегамск кырка тоосу пайда болуп, Орто-Аракс депрессиясынын ж-а Севан көлүнүн бассейни төмөн ийилген. Жез-молибден, жез-колчедан, алтын, темир, полиметалл, нефелиндүү сиенит, бентонит, таш туз ж. б. баалуу кен байлыктары бар. А-да дарылык каспети бар минерал суулары (Арзни, Джермук ж. б.) көп. Алардын боюнда курорттор салынган.

Ойдундар м-н тоо этектеринде климаты континенттик, жазы кургак ж-а ысык, кышы суук, январдын орт. темп-расы —5°С, июлда 24—25°С. Жылдык жаан-чачын 200—800 *мм*. Беккө тоолордун климаты субтропиктик, январда 2°С—8°С, июлда 18°С, жылдык жаан-чачын 600—800 *мм*. Тоолордо кышы суук, кардуу, январдын орт. темп-расы —9, —14°С, жазы салкын, июлдун орт. темп-расы 10—15°С. Дарыялары Каспий деңизинин алабында. Ири дарыялары: Аракс, Кура. Алардын куймалары — Ахурян, Касах, Раздан, Дебед. Булардын трансп. мааниси болбогону м-н гидроэнергет. ресурстарга бай. Тоо этектеринде кызыл коңур, тоо беттеринде тоолуу-токой, тоолордун жог. алкагында (3500 *м* чейин) тоо-шалбаалуу, дарыя өрөөндөрүндө аллювиалдык, Арарат түздүгүндө сур ж-а ачык-куба топурактар басымдуу. Арарат өрөөнүндө чөл, жарым чөл өсүмдүктөрү



Арарат тоосу.

(бүргөн, шыбак) тоо этектери м-н жапар тоолуу бөксө тоолордо талаа өсүмдүктөрү өсөт. А-нын терр-ясынын 13% токой ээлейт, түн.-чыгышында эмен токойлору бар. Кырка тоолордун жог. капталдары субальпы шалбаасы м-н капталган. Жаныбарлары: элик, сүлөөсүн, жапайы мышык, тоо теке (муфлон), аюу, илбирс, түлкү, карышкыр ж. б. Севан көлүндө форель көп.

Калкы. Калкынын 88,6% армян, 5,9% азербайжан, 2,7% орус, 1,5% курд. Булардан башка украиндер, гректер, ассириялыктар (айсорлор) жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км²* ге 87,4 киши. Арарат өрөөнүндө калк жыш (400 адамга чейин). Калкынын 59% шаарларда. Ири шаарлары — Ереван, Ленинакан, Кировакан, Эчмиадзин, Кафан.

Тарыхый очерки. Армян тайпак тоолору — дүйн. цивилизациянын эң байыркы борборлорунан. Археол. казмалардан табылган эмгек куралдары ал жерде төртүнчүлүк доордун 1-жарымында эле адамдар жашаганын далилдейт. Неолит доорунда адамдар дыйканчылык кыла баштаган. Шенгавит, Шрешблур сыяктуу журттардын казмаларынан алгачкы коло доорунун мад-ты табылды. Б. з. ч. 2000-жылдын 2-жарымында соңку коло мад-ты өөрчүп турган (Лчашен). Б. з. ч. 2000- ж-а 1000-жылдардын тогошуу убагында Армян тайпак тоолорундагы уруулардын арасында таптык коомдун ж-а уруу союздарынын түзүлүү процесси күчөп, ошол замандын 9-к-ында ал союздар кул ээлөөчүлүк Урарту мамлекетине бириккен. Бул СССРдин терр-ясындагы 1-мамл. түзүлүш болгон. Тушпа, Тейшебаини сыяктуу чептер ж-а админ.-чарбалык борборлор ошол мамлекеттен калган эң маанилүү эстелик. Азыркы Еревандын түш.-чыг. тарабындагы Аринберд дөңсөөсүнө б. з. ч. 782-ж. Эребуни деген чоң чеп курулган. Мунун өзү азыркы Ереван дүйнөдөгү эң байыркы шаарлардын бири экенин далилдейт.

Армян эли Армян тайпак тоолорунда жашаган урарттардын, хайлардын, армяндардын аралашмасынан келип чыккан. Урарту кулагандан кийин анын терр-ясын б. з. ч. 6-к-да армян падышалыгы ээлеп калган. Бирок ошол кылымдын аягында аны Ахеменилердин байыркы персиялык державасы каратып алган. Македонский Персия мамлекетин кыйраткандан кийин, Армян тайпак тоолорунун бир кыйла бөлүгүндө Ервандилердин мамлекети пайда болгон. Б. з. ч. 3-к-дын 1-жарымында андан Коммаген ж-а Софен падышалыгы бөлүнүп кеткен. Ошол кылымдын аягында армян падышалыктары Селевкилерге көз каранды болуп, андан б. з. ч. 189-ж. гана кутулат да, Улуу А-да Арташесидилердин династиясы бийликке келет. Ал династиядан чыккан Тигран IIнин тушунда (95—56) А. эллиндик дүйнөнүн ири державасына айланган. Тигран II мамлекетинин составына Софенди, Коммагенди Киликияны кошуп, негизги армян жерлерин баш коштуруу процессин аяктаган. Анын тушунда кол өнөрчүлүк, соода өнүккөн. Армавир, Арташат, Тигранакерт сыяктуу бир катар ири ш-лар болгон. Б. з. ч. 1-к-дан баштап А. Рим м-н Парфия падышалыгынын ортосундагы айыгышкан күрөштүн майданына айланган, бул болсо Улуу А-ны начарлаткан. Б. з. 62-ж. Улуу А-да Аршакилердин династиясы орнойт. Б. з. 3-к-нын 2-жарымында Улуу А. Сасанилер Иранына көз каранды болгон. 387-ж. А-ны Иран м-н Византия империясы бөлүп алган. А-нын көпчүлүгү Иранга тийип, бирок ал өзүн өзү башкаруу укугун сактап калган.

3-к-дан тартып А-да феод. мамилелер курала баштаган. 4-к-дын башында армяндар христиан динин кабыл алып, армян-григориан чиркөөсү күч-кубаттуу феод. уюмга айланган. Ошо кезде армян элинин феод. мад-ты калыптана баштайт. 4-к-дын аягында Месроп Маштоц армян алфавитин ойлоп чыгарган 4—7-к. А-нын илими, ад-ты, иск-восу, архитектурасы өнүккөн.

Армян эли көз каранды эместигин калыбына келтирүү үчүн тынымсыз күрөшүп, Иран ээлүүсүнө каршы нечен жолу көтөрүлүш чыгарган (450—51, 481—84, 571—72). Бирок 7-к-дын 2-жарымында А-ны *Араб халифаты* басып алды. Ага каршы узак күрөштүн жүрүшүндө 9-к-дын аягында А-да армян Багратилеринин падышалыгы түзүлдү. Бул учурда экон. ж-а маданий турмушу кайрадан жогорулап, шаарлар (Ани, Ван ж. б.) кол өнөрчүлүк м-н соода-сатыктын ири борбору болуп калды. Бирок 11-к-да А-ны сельжуктар, 13-к-да алардын ордун татар-монголдор басып алды. Натыйжада А. мамлекети жоюлуп, шаарлары талкаланып, калкынын бир кыйласы кырылды. Армяндардын чет жерлерге оон кетиши күчөдү. Алардын көпчүлүгү Европа өлкөлөрүнө, Алтын Ордонун шаарларына, Крымга ж. б. жерлерге көчө качты. Буковинада, Галицияда, Венгрияда, Трансильванияда армян колониялары, К. Азиянын түш.-чыг. чет жакасында Киликия падышалыгы (1080—1375) пайда болду.

15-к-дын башында А-ны көчмөн түркмөн уруулары басып алды. 16—18-к. А. Осмон Түркиясы м-н Сефевилер Иранынын кандуу майданына айланып, акыры алар А-ны бөлүп алышты. Чыг. А. Иранга, Бат. А. Түркияга тийди. Бирок армян эли баскынчыларга активдүү каршылык көрсөтүп, өз эне тилин, мад-тын сактап калып, көз каранды эместик үчүн күрөшө берди. Бул күрөштө армян элинин Россияга улам көбүрөөк умтулуусу күчөдү. Армян коомчулугунда муну жактаган саясий агым пайда болду. *Орус-иран согушунун (1826—28)* натыйжасында түзүлгөн Түркманчай договору (1828) боюнча Чыг. А. Россияга кошулду. *Орус-түрк согушунан (1828—29)* кийин Түркияга көз каранды жерлердеги 90 миң армян Чыг. А-га көчүп келди. Чыг. А-нын Россияга кошулушу армян эли үчүн чоң мааниге ээ болду. Анын натыйжасында армян элинин айрым бөлүгү тукум курут болуудан аман калды. А-да капит. мамилелер өнүгө баштап, анын буржуазиясы, жумушчу табы жаралды. Ал эми Бат. А-дагы армяндар түрктөргө каршы күрөшсө (Зейтуняк көтөрүлүшү, 1862; 1870—80-жылдагы боштондукка чыгуу кыймылы) да, Чыг. А-га кошула алган жок. Түрк башкаруучулары 1895—96-ж. армян элин бир нече жолу кырды. 1-дүйн. согуш убагында түрктөр 1,5 млн. армянды жок кылып (1915—16), 2 млн-го жакынын Месопотамияга зордоп көчүрдү. Падышалыкка ж-а султан деспотизмине каршы күрөш А-нын 2 бөлүгүндө тең коомдук-саясий кыймылды күчөттү. Ар кандай коомдук-саясий агымдар пайда болду. А-нын рев-чыл демокр. кыймылын М. Налбандян башкарды. А-да саясий партиялар куралды. 1899-ж. С. Шаумян А-да биринчи маркстик кружок түздү. 1902—05-ж. Александрополь, Эриван ж. б. жерлерде РСДРПнын уюмдары жаралды. А. эмгекчилери 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышты.

Улуу Окт. рев-ясынын жеңиши м-н армян эли боштондукка чыга баштады. 1917-ж. 29-декабрда Сов. Россиянын ЭКСи «Түркия Армениясы жөнүндө» декрет кабыл алып, бүткүл А-ны бошотуу, ага көз каранды эместик берүү программасын белгиледи. Бирок Закавказьеде бийликке келген бурж.-улутчул партиялар ал жерлерди Сов. Россиядан бөлүп алып, рев-чыл кыймылга каршы күрөшкөнү ал декретти жүзөгө ашырууга жолтоо кылды. 1918-ж. май айында А-да майда бурж. улутчул Дашнакцутюн партиясы бийликке келип, өлкөнү көз каранды эмес бурж. респ-ка деп жарыялады. Дашнакчылар башкарган 2 жылда Чыг. А-нын экономикасы бүлүнүп, ачарчылык, жугуштуу оорулар миңдеген адамдын өмүрүн кыйды. Армян эли дагы да тукум курут болуу коркунучуна туш келди. Түрк аскерлери А-га 2 жолу (1918, 1920) кол салып, өлкөнү бүлдүрүп, элди кырды. Бурж. өкмөттүн элге каршы саясаты калктын кыжырдануусун туудурду, 1920-ж. А-нын эмгекчилери большевиктик уюмдардын жетекчилиги м-н көтөрүлүш чыгарды эле, аны бурж. өкмөт басып салды. Бирок ал өкмөт саясий жактан толук банкрот болуп, эмгекчилердин кийинки кысым көрсөтүүлөрүнө каршы турууга алы келбей калды. 1920-ж. 29-ноябрда Компартия жетекчилик кылган А-нын эмгекчилери 11-Кызыл Армиянын бөлүктөрүнүн жардамы м-н дашнактар өкмөтүн кулатып, А-ны Сов. Соц. Респ-ка деп жарыялады.

1926—27-ж. Сов. А-да алгачкы соц. кайра түзүүлөр жүргүзүлүп, жер, ө. ж., транспорт мамлекеттештирилди. Эл чарбасын калыбына келтирүү башталды. 1921-ж. февралда дашнактар контррев-чыл козголоң чыгарып, өлкөнү гражд. согушка кириптер кылды. Козголоң 1921-ж. апрелде басылды. 1922-ж. мартта А. ЗСФСРдин составына, 1922-ж. декабрда ЗСФСР м-н бирге ССР Союзуна кирди; 1936-жылдын декабрынан А. союздук респ-ка болуп калды.

Соц. курулуштун согушка чейинки жылдарында А-да индустриялаштыруу, а. ч-сын коллективдештирүү, маданий рев-я жүзөгө ашты. А. өнүккөн индустр.-агрардык респ-кага айланды. Улуу Ата Мек. согуштун жылдарында армян эли фронтто душманга каршы баатырдык м-н салгылашты, тылда жан аябай иштеди. Армян эли фронтко улуттук 6 аскер бириккмесин берди. А-нын 107 уулу Сов. Союз. Баатыры деген наам алып, жүз миңдеген жоокерлери СССР ордендери ж-а медалдары м-н сыйланды. Армян элинин уулдары партизандык кыймылга (Белоруссияда), Европадагы Каршылык көрсөтүү кыймылына катышты.

Согуштан кийинки алгачкы жылдарда чет өлкөлөрдөгү армяндар Ата Журтуна кайтып келе баштады, алар азыр да келип жатат.

Армян ССРи 2 Ленин ордени (1958-ж. 29-дек., 1968-ж. 16-окт.), Октябрь Революциясы ордени (1970-ж. 27-нояб.) ж-а Элдердин Достугу ордени (1972-ж. 29-дек.) м-н сыйланды.

Армениянын Коммунисттик партиясы — Армениянын Компартиясы — КПССтин составдуу бөлүгү. 19-к-дын аягында 20-к-дын башында А-да марксизм тарала баштаган. 1892-ж. Тбилисиде жумушчулар м-н студенттердин тобу «Армян жумушчу революционерлеринин ассоциациясына» негиз салган. 1898-ж. Тбилисиде армян жумушчуларынын маркстик тобу түзүлгөн, 1899-ж. Жалал-Оглыда (азыркы Степанаван ш.) С. Г. Шаумян А-да туңгуч маркстик кружок уюштурган. 1901—02-ж. Ереван ж-а Александрополдо с.-д. кружоктор, Тбилисиде Армян социал-демократтарынын союзу түзүлүп, бул союз туңгуч маркстик жашыруун «Пролетариат» газетасын чыгарган. 1905—07-жылдагы рев-я убагында А-нын большевиктери иш таштоолорду уюштуруп, аскердик бөлүктөрдө үгүт-насыят иштерин жүргүзгөн, дыйкан комитеттерин түзгөн. Февр. рев-ясынан кийин А-да большевиктер м-н меньшевиктер бир уюмда турса, көп узабай уюмдук жактан ажыраша башташты. 1919-ж. сентябрда А. коммунисттик уюмдарынын өкүлдөрү Ереванда өткөргөн жашыруун кеңешмеде РКП(б) Арменкому — туңгуч жетекчи парт. борбор шайланды. 1920-ж. 18—19-январда Ереванда жашыруун өткөн конф-яда А-нын большевикчил уюмдары биригип бүткөн. 1920-ж. 30-июнда РКП(б) БКнын Уюштуруу бюросу Жалпы кавказдык уюмга бириккен Азербайжанда, Арменияда, Грузияда айрым компартиялар түзүү ж-до чечим кабыл алды.

1920-ж. 10-сентябрда А. КП(б) БК түзүлдү. 1922-ж. январда А. КП(б)нин I-съезди болуп, анда сов. түзүлүш, жер саясаты, Закавказье республикаларынын биригиш маселелери талкууланды. А-нын парт. уюмдары ВКП(б) съезддеринин чечимдерин жетекчиликке алып, эл чарбасын калыбына келтирүү, соц. индустриялаштырууну, а. ч. коллективдештирүү, маданий рев-яны ишке ашыруу милдеттерин ийгиликтүү чечти. Улуу Ата Мек. согуштун кезинде А. коммунисттери м-н армян эмгекчилеринин бардык аракети соц. Ата Журтту коргоого, немецтик баскынчыларды талкалоого жумшалды.

Согуштан кийинки жылдарда А. Компартиясы эмгекчилердин аракетин эл чарбасын андан ары өнүктүрүүгө багыттап, респ-када социализмдин курулушунун ийгиликтүү аякташына жетекчилик кылды. А. Компартиясынын катарында (1973-ж. 1-янв.) 131442 мүчөсү ж-а 3027 мүчөлүгүнө кандидаты бар. А. Компартиясынын 25-съезди (1971-ж. февр.) респ-канын парт. уюмдарынын 9-беш жылдыктагы (1971—75) милдеттерин белгилеп, аларды турмушка ийгиликтүү ашырып жатат. КПССтин 24-съездинин ж-а КПСС БКнын кийинки Пленумдарынын чечимдерин жетекчиликке алуу м-н А-нын Компартиясы эмгекчилердин күч-кубатын коммунизмдин материалдык-тех. базасын курууга багыттоодо.

Армениянын Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу. Армениянын ЛКСМи — ВЛКСМдин составдык бөлүгү. А-да коммунисттик жаштар кружоктору РСДРП(б)нин 6-съездинин «Жаштар союздары жөнүндөгү» чечимине ылайык 1917-ж. түзүлө баштады. 1919-ж. апрелде маркстик окуучулар союзу — «Спартак», андан кийин ал «Спартак уюму» деп аталды. А-нын



Ереван шаары. Спандарян атындагы аянт.

алгачкы комсомол уюмдары 1919-ж. май — июнда пайда болду. 1919-ж. сентябрда Бакуда өткөн Азерб., А. ж-а Грузия коммунисттик жаштар союздарынын 1-Закавказьелик конф-ясында Бүткүл россиялык Коммунисттик Жаштар Союзунун Закавказье обл. уюму түзүлдү. 1921-ж. январда Эриван союзу А. комсомолунун БК болуп түзүлдү. А. комсомолунун 1-съездинде (1921-ж. 21—22-авг.) А. ЛКСМ уюшулуп, калыптанды. 1924-ж. А. комсомолу Армениянын Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу деп аталды. Армения КП жетекчилиги м-н А. комсомолу эл чарбасын калыбына келтирүүгө ж-а андан ары өнүктүрүүгө, маданий рев-яны жүзөгө ашырууга, Улуу Ата Мек. согушта немецтик-фаш. баскынчыларды талкалоого активдүү катышты. А. комсомолу парт. уюмдардын жетекчилиги м-н жаштардын бүткүл күч-кубатын коммунисттик курулуштун милдеттерин чечүүгө багыттап жатат. А. комсомолунун 316 759 мүчөсү (1973-ж. 1-янв.) бар.

Профессионалдык союздары. А. профсоюздары — СССРдин профсоюздарынын составдуу бөлүгү. А. профсоюздарынын түзүлүшү росс. пролетардык профсоюз кыймылынын өнүгүшү м-н тыгыз байланышта. 1905—07-жылдагы рев-я жеңилгенден кийин А. профсоюздары жоюлуп, айрымдары жашыруун абалга өткөн. 1917-ж. Февр. рев-ясынын жеңиши м-н профсоюздар калыбына келтирилип, фабзавкомдор түзүлгөн. А-да Совет бийлигинин орношу м-н (1920) эл чарбасын калыбына келтирүүдө профсоюздар чоң роль ойногон. 1921-ж. 22-августта А. профсоюздарынын 1-съезди болуп өткөн. А. профсоюздары респ-каны индустриялаштыруу ж-а а. ч-сын коллективдештирүү мезгилинде маанилүү роль ойногон. Улуу Ата Мек. согуш жылдары А. профсоюздары фронтко ар тараптан жардам көрсөтүп турушкан. Согуштан кийин профсоюз уюмдарынын аракети эл чарбасын жогорулатууга, эмгекчилерди тиричилик ж-а маданий жактан тейлөөнү жакшыртууга багытталды. 1971-ж. А-да 883,5 миңден ашык профсоюз мүчөсү болуп, 1969-ж. 1-январда профсоюз карамагында 64 клуб ж-а маданий дворецтери, 98 китепкана, 291 спорттук имарат, эс алуу үйлөр, санаторийлер болгон.

Эл чарбасы. А-нын ө. ж-ында түстүү металлургия, электр. техника, химия, машина жасоо, курулуш материалдарын чыгаруучу ишканалар алдыда. Тамак-аш ө. ж-нын кээ бир тармактары союздук мааниге ээ. А. ч-да жүзүмчүлүк, пахтачылык, тамекичилик, мал чарбасы, асыресе жибекчилик жакшы өнүккөн.

Ө. ж. дүң продукциясы 1968-ж. 1913-ж-га салыштырганда 146 эсе өстү. А-да өндүрүлүүчү бардык продукциянын 71,6%ин ө. ж. берет. Арпа, Воротан, Ребед өзөндөрүнүн боюнда Ереван, Гюмуш, Арзни, Канакер, Айрум ж. б. ГЭСтери курулган. Азербайжандан Карадаг — Ереван газ өткөргүч түтүктөрүнүн курулушуна байланыштуу Ереван, Раздан, Кировакан ш-ларында газ м-н иштетилүүчү ТЭЦтер курулду. Түстүү металлургиянын негизги борборлору: Алаверди (жез-химия комбинаты), Кажаран, Дастакерт, Агарак ш-лары (жез-молибден комбинат), Канакер (алюм. з-ду) ж-а Кафан, Кажаран, Агаран, Ахтала (жез кендери). Жез өндүрүп чыгарууда А. СССРде 3-орунда (РСФСР, Каз-дан кийин) турат. Ереван, Кировакан, Алаверди ш-ларындагы химия ө. ж-ы кальций карбидин, аммиак, синтетикалык каучук, шина, лак боёгун, азот м-н фосфор жер семирткичтерин чыгарат. Машина куруунун ж-а металл иштетүүнүн борборлору — Ереван (автомобиль, В. И. Ленин атн. Армэлектрозавод, Ф. Э. Дзержинский атн. станок жасоочу, компрессор з-ддору), Ленинакан ж-а Кировакан ш-ларында станок, прибор жасоочу з-ддор бар. 1974-ж. 13,4 миң станок, 92,5 миң насос ж-а цемент, шифер, темир-бетон курамтырмаларынын конструкциялары чыгарылган. Мрамор, туф өндүрүү, курулуш буюмдарын иштеп чыгаруу ө. ж. борборлору: Ереван, Арарат, Арзни, Артик. 1974-ж. А-да 88,8 млн. *м* кездеме, 4060 миң *м* жүн кездеме, 16114 миң *м* жибек, 10,4 млн. жуп бут кийим чыгарылган. Хим. жол м-н жасалчу (ацетат жибеги, капрон жиби) буюмдары да көп өндүрүлдү. Жеңил ө. ж. борборлору: Ленинакан, Ереван, Шаумян, Кировакан, Аштарак, Айрум, Октембрян, Кафан ж. б. Тамак ө. ж-лары 1972-ж. 9 млн. *дкл* ичимдик, 257,1 млн. банка консерва чыгарган. Вино-коньяк жасоочу «Арарат» трестинин продукциясы дүйнө жүзүнө белгилүү. «Джермук», «Арзни», «Севан» минералдуу суулары — А-нын сыймыгы.

А. ч-сынын башкы тармактары: жүзүмчүлүк, жемиш бактары, техн. өсүмдүктөр, эт-сүт багытындагы уй м-н кой чарбачылыгы. Армениянын аянтынын 16,9% айдоо, 2,1% жүзүм ж-а жемиш багы, 4,3% чабынды, 23,0% жайыт, 12,7% токой, 39,8% а. ч-сына жарамсыз жерлер. 1972-ж. А-да 377 колхоз, 351 совхоз болгон. Айдоо аянттары көбүнчө Арарат өрөөнүндө, Севан көлүнүн айланасында, Зангезур тоосунун этектеринде. Зангезур, Ширак тоолуу р-ндору, Севан көлүнүн алабы мал чарбачылыгына өтө ыңгайлуу.

Т. ж-нун уз. 578 *км* (1972), анын 70% электрлештирилген. Негизги магистралдары: Ленинакан — Ереван — Жульфа. Уз. 8,4 миң *км* автомоб. жолдорунун 5,2 миң *км* асфальтталган. Ири шоссе жолдору: Тбилиси — Ереван, Ереван — Севан — Дилижан — Кировакан, Карадаг — Ереван — Тбилиси. СССРдин көптөгөн шаарлары м-н аба транспорту аркылуу байланышып турат. Эл аралык авиалиниясы бар.

Саламаттык сактоосу. 1968-ж. ар миң адамга эсептегенде, төрөлгөндөр 24,6ны, өлгөндөр 5,2ни, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 26ны түзгөн. Респ-када адамдын орт. өмүрү 73 жаш (1967—68). Совет өкмөтү ор-

погондон бери холера, безгек, трахома, чечек, келте оорулары жоюлуп, кургак учук м-н тери оорулары кескин азаюуда. 1960-жылга салыштырганда 1968-ж. көк жөтөл — 10, дифтерия 168 эсеге кыскарган. 1968-ж. А-да 20 160 койкалуу 265 ооруканада (10 миң адамга 853 койка) 7114, б. а. 322 адамга 1 врач (1913-ж. 73 врачтын же 13,7 миң адамга 1 врачтын ордуна) иштеген. Респ-када (1969) мед. илимд. 447 канд., 102 доктору кызматтанышкан.

Элге билим берүү, маданий-агартуу мекемелери. А-да агартуу иши байыртан эле болсо да, элге билим текши жеткен эмес. Совет бийлиги орногончо А-ның калкының 70% сабатсыз болчу, өлкөдө бир дагы жог. окуу жайы жок эле. 1914—15-окуу жылында Чыг. А-да жалпы билим берүүчү 459 мектеп (35 миңдей окуучу) болгон.

Ата Мек. согуштун алдында А-да калктын текши сабатсыздыгы жоюлуп, жалпыга милдеттүү окуу ишке ашырылып, жог. ж-а атайын орто билим берүүчү окуу жайларынын системасы түзүлдү. 1940—41-окуу жылында А-да жалпы билим берүүчү 1218 мектеп болуп, аларда 333 миң окуучу окуган. Согуштан кийинки мезгилде милдеттүү түрдө жети жылдык билим берүү аяктап, милдеттүү орто билим алууга өтүү башталды. 1974—75-окуу жылында 1,6 миң жалпы билим берүүчү мектепте 687 миң окуучу, 64 атайын орто окуу жайында 51,7 миң окуучу, 12 жог. окуу жайында 53,2 миң студент окуган. А-да 1974-ж. эл чарбасы үчүн 23 миңден ашуун адис даярдалган. Аның 9,5 миңи жог. билимдүү болгон. 1974-ж. 900дөн ашык балдар бакчасы м-н яслиси, 8 балдар үйү болгон.

1913-ж. А-да бар болгону 13 китепкана бар эле, 1974-ж. 1,3 миң китепкана болуп, алардын китеп фондусу 11,6 млн. даанадан ашкан. 1974-ж. 35 музей, 1,1 миң клуб мекемеси, 750 киноустановка, 13 театр иштеген. Согуштан кийинки мезгилде элдик маданий ун-ттер, коомдук негиздеги клубдар, элдик театрлар (1971-ж. алардын саны 25) иштеп жатат.

Илим жана илимий мекемелери. А-да илимдин өсүшү адамзат мадтынын эң адепки учурунда эле башталган. Месроп Маштоц б. з. 405—406-ж-да армян алфавитин түзгөндөн кийин пл. ойлор А-да тез өнүгө баштайт. Жазуунун таралышы, улуттук тилде мектептердин пайда болушу А-да 5—7-к-дарда ад-т м-н иск-вонун өсүшүнө мүмкүндүк түзгөн. Илимдин түрдүү тармактары өнүккөн. А. тарыхчысы Мовсес Хоренац «Жакынкы Чыгыштын Геродоту» деп аталган. 7-к-да Ананий Ширакаци Ай м-н Күндүн тутулушун пл. жактан негиздеген. Аристотель, Сократ, Платондорду эмгектери армян тилине которулган. Багратилер (Багратуни) династиясы сураң турган чакта өлкө өз алдынчалыкка жетишип, жаңы армян мад-ты түзүлгөн. Григор Магистрос (990—1058) табият таануу, мед., филос. б-ча ири эмгектер берген. Ованес Имастасер (Иоанн Саркаваг) (1045—1129) А-ның борборунда жог. математикалык мектепти негиздеген. Гладзори, Татеви ж-а Санаини монастырларында о. кылым ун-ттеринин даңкы чыккан. Юриспруденция (Смбат Гундстабл, Мхитар Гош), мед. (Мхитар Гераци, 12-к.), тарых (Степанос Орбелян, 13-к.) б-ча белгилүү эмгектер жаралган. 17-к-дан тартып армяндар өз жеринен чет өлкөлөргө кетүүгө аргасыз болуп, армян мад-ты чет өлкөлөрдө (Италия, Франция, Голландия, Россия, Персия, Индия, Египет, Ж. Чыгыш, АКШ) өнүгөт. 1512-ж. армян басмаканасы Венецияда негизделип, биринчи армян китеби чыккан. Дүйнөнүн картасы армян тилинде биринчи ирет 1694-ж. Амстердамда басылган. Индиянын Мадрас ш-да биринчи армян журналы «Аздарар» жарык көргөн. 1828-ж. Чыг. А. Россияга кошулган учурдан тартып А-ның илими м-н мад-тында жаңы этап башталат, (буга чейин эле 1815-ж. Москвада Лазарь академиясы ачылган эле). Хачатур Абовян (1805—1848), Микаэл Налбандян (1829—1868) алдыңкы орус ж-а Бат. Европа ойчулдарынын идеяларын А-га таратышат. 19-к-дын алгында А-да айрым марксчил топтор пайда болот. А-да Совет бийлигинин орношу аның маданияты м-н илиминин өнүгүшүндө жаңы доорду ачты. 20-жылдарда А-да айрыкча тарых, тил илими, табият ж-дө. илимдер өнүгөт. 1935-ж. респ-када СССР ИАның Арм. филиалы түзүлүп, 1943-ж. ИА уюштурулат. Ушул мезгилден тартып, айрыкча физика, математ. ж-а тех. илимдер өнүгөт. Акад. В. А. Амбарцумяндын жетекчилиги м-н иштеген Бюракан астрофизика обсерваториясынын илимпоздору зор



Архитектор Р. С. Исраелян, скульпторлор А. А. Арутюнян, С. М. Манасян, А. А. Шагинян. 1918-ж. Сардарапат алдындагы салгылашууга арналган мемориалдык комплекс. Октемберян району. 1968.

нийгиликтерге жетишти. Космостук нурларды изилдөөдө армян физиктеринин да салымы чоң. Физмат. илиминдеги чоң жетишкендиктердин бири 1957-ж. Армян ССР ИАның Эсептегич борборунун уюштурулушу болду. Коом ж-а табият ж-дөгү илимдер да улам өркүндөөдө. 1972-ж. А-да 112 пл. из. мекемесинде 10568 пл. кызматкер иштеген. Алардын 450 — доктор, 3159 — кандидат.

Басма сөз, радио уктуруу ж-а теле көрсөтүү. 1974-ж. А-да 80 газета (бир жолку тиражы 1,5 млн. пуска), аның 8 респ-калык газета; 114 журнал (бардык номерлеринин жылдык тиражы 16,3 млн. пуска) басылып чыкан. 1965-ж. 10,5 млн. пуска, аның ичинен 8,6 млн. армян тилинде. 1971-ж. калктын ар жүзүнө 420 пуска китеп туура келген. Респ-калык газеталары: армян тилинде — «Советакан Айастан» («Советтик Армения», 1920), «Авангард» (1923), «Гракан Терт» («Адабият газетасы», 1932), орус тилинде — «Коммунист» (1934), «Комсомолец» (1938) ж. б. Журналдары: «Ленинян угиов» («Ленин жолу менен», 1923), «Советакан Айастан» (1945) ж. б. А-да радиолоштуруу иши Совет бийлигинин алгачкы жылдарында башталган. 1967-ж. радио уктуруу 4 тилде жүргүзүлдү; Ереванда-гы радио борбор чет өлкөлөргө армяндар үчүн да атайын программа берет. 1956-ж. теле борбор курулган, аның көрсөтүүлөрү респ-каның көпчүлүк райондоруна таркалат. Алыс көрсөтүүчү тармактын (сеть) жардамы м-н А-да жашоочулар Борб. теле көрсөтүүлөрдүн берүүлөрүн көрө алышат.

Адабияты. Армян ад-ты дүйнөдөгү эң байыркы ад-ттардын бири. Б. з. ч. эле армяндарда бутпарастык мүнөздөгү ад-т болуп, ал армяндар христиан диниие өткен соң (301) жоголгон. Элдик чыг-лыктын кыл чокусу деп «Сасунци Давид» («Давид Сасунский», 8—10-к-га таандык) эпосун айтууга болот. Жазма ад-тынын тарыхы 5-к-дан — Месроп Маштоц армян жазмасын түзгөн мезгилден (396) башталат. Жазма адабий эстеликтерден М. Маштоцтун (361—440) ырлары, 5-к-дын тарыхчылары Агатангехос (Агафангела), П. Бюзанда, М. Хоренаци, Егише ж-а Казара Парбецинин эмгектери өзгөчө баалуу. Араб өзүүсүнүн тушунда ж-а Византия басып алган мезгилде (7—9-к.) диний айтыш (кара сөздө) м-н чиркөө поэзиясы күчтүү өнүккөн. А. кайра көз карандысыз эмес мамл. болгондон кийин 1(886) ад-тта гуманисттик идеялар пайда болот ж-а баштапкы *Кайра жаралуу* доору башталат. Г. Нарекацинин (951—1003), Н. Шнораланнин (1102—1173), М. Гошгун (1133—1213), В. Айгекцинин (12—13-к.), акын Фриктин (1236—1306) чыг-ларында гуманисттик идеялар өй-пикирлер нукура элдик формада туюнтулат. Армян Кайра жаралуусунун махабат поэзиясы

К. Ерзнкаци 13—14 к.), О. Тулкуранци (14-к.), Н. Кучак (16-к.), Н. Овнатан (18-к.) ж. б. акындардын ырларынан ачык көрүнөт. 18-к-дын көрүнүктүү акыны ж-а ырчысы Саят-Нова (1712—1795) болгон. Армян ад-тынын өнүгүшүндөгү жаңы этап 19-к-дын баш чөнүндө, Чыг. А. Россияга кошулгандан тартып башталат. Жаңы армян адабиятына негиз салган Х. Абовян (1805—1848) ад-ттагы прогрессчил романтизм м-н реализмге жол ачат. Х. Абовяндын чыг-дагы демокр. багыттарды П. Прошян (1837—1907), Г. Агали (1840—1911) өнүктүрөт. Атактуу жазуучу ж-а ойчул М. Налбандян (1829—1868) А-да 1-болуп материалисттик эстетиканын принциптерин иштеп чыгат, социалдык мазмунга каныккан реалисттик ад-тты ыраттуу түрдө жактайт. Улуттук ойгонуу идеяларын акын ж-а филолог Г. Алишан (1820—1901) көтөрүп чыгат. 19-к-дын 2-жарымында Р. Патканян, М. Пешикташлян, П. Дурян өндүү акындар гражд. ырлар м-н поэмаларды жаратышат. 19-к-дагы армян реалисттик драматургиясынын көрүнүктүү өкүлү Г. Сундукян болгон. Романтикалык багыт Церенцтин, Раффинин тарыхый романдарында, сынчыл реализм болсо сатирачы А. Пароняндын, романчы ж-а драматург А. Ширванзаденин чыг-ларында өнүккөн. Реалисттик багыттар Мурацандын, Нар-Достун, В. Папазяндын, А. Арпиаряндын, Г. Зохрабдын чыгармаларына да мүнөздүү. О. Иоаннисян, О. Туманян, А. Исаакян, В. Терян, Ш. Кургинянлар жаңы армян ад-тын дүйн. ад-ттын адынкы чегине жеткирди.

Армян пролетар ад-тына А. Акопян негиз салды. 20-к-дын башында адабий сындын өнүгүшүнө Компартиянын иштерлери С. Шаумян м-н С. Спандарян маанилүү салым кошот. Окт. рев-ясынан кийин Е. Чаренцтин романтикалык поэзиясы гүлдөдү. 20-жылдары ад-тка А. Вштуян, Н. Зарьян, Г. Сарьян, В. Алазян сыяктуу акындар, А. Бакунц, Д. Демирчян, С. Зорян, В. Тотовенц өндүү прозачылар келет. 30-жылдардагы армян адты М. Армен, Г. Маари, А. Сирас, Р. Кочар, В. Ананян, Ахавни, С. Таронци, О. Шираз, Т. Гурян, А. Граши, Г. Севунц, Г. Боряндардын ар кыл жанрда жазылган чыг-ларын м-н байыйт. Ата Мек. согуш жылдарында ж-а согуштан кийинки мезгилде адтка С. Капутикян, Г. Эмин, А. Сагинян, Р. Ованесян, П. Севак ж. б. келишти. Армян адабий сыны м-н илими да өнүгүп жатат. Армян ад-тынын тарыхы ж-а азыркы кези тууралуу бир топ изилдөөлөр жарык көрдү.

Архитектура, сүрөт искусствосу. А-ның архитектурасынын байыркы эстеликтери б. з. ч. 3000-жылга таандык (Арагацтын жанындагы мегалиттик курулуштар, бийик өндүү дубалдар ж. б.). Архитектура б. з. ч. 9—6-к-да Урарту мамл-де жакшы өнүккөн (Тейшебаиндеги турак жай үйлөрү, б. з. ч. 7-к; Эребуниндеги Халд кудайынын храмы, б. з. ч. 8-к.). Элиндик доордогу шаарларда сарайлар м-н чептердин өзгөчө аймактары болүнө баштайт (Тигранакерт, б. з. ч. 1-к.). 4-к-дын баштанкы христиандык сыйынуу курулуштарында ички мейкиндиктин туурасына карата өнүгүш принциби орун алды [Тапаат ж-а Дираклар (4-к.), Гарний ж-а Аван (5-к.) базиликалары]. Үй куруу өнөрүнүн жаңы баскычы 11—18-к-да көп сандаган өң сонун эстеликтерден, өзгөчө А-ның борбору Анидеги Багратидден даана көрүндү. 19-к-да, айрыкча Чыг. А. Россияга кошулгандан кийин, шаарлар өнүгөт (Ереван, Александрополь, Карс), турак жай ж-а гражд. имараттардын жаңы типтери иштелип чыгат. Сов. А. архитектурасы социалдык-экон. өзгөрүүлөрдүн таасиринде калыптанды. 20-жылдары 1924-жылдын ген. планы б-ча (акад. А. Таманян) Ереванды реконструкциялоо башталды. Көп кабаттуу үйлөр Ереванда, Ленинаканда, Алавердиде (арх. Б. Аразян, Н. Буниатян ж. б.) курулду. 30-жылдары арх. К. Алабян, Г. Кочар, М. Мазманян ж. б-лар комплекстүү курулуш идеясын ишке ашырышты. Арх. А. Таманяндын чыг-ларында (Өкмөт үйү, опера театрынын имараты, 1-ЕрГЭСи) улуттук салттар м-н азыркы архитектуранын жетишкендиктери жакшы айкалыштырылды. Бул багыт 50-жылдардын ортосуна чейин армян архитектурасынын стилин аныктап келди. 1955-жылдан кийин массалык имараттарды типтештирүү кеңейтилди. Мемориалдык курулуштар салынды (булак-эстеликтер, Р. Исраелян; 1915-ж. түрктөр кырган армяндарга эстелик, арх. А. Тарханян, С. Калашян ж. б.; Сардарапат ансамбли — арх. Р. Исраелян, А. Арутюнян, А. Шагинян, С. Манасян). Армян совет архитектурасынын жаңы бийиктикке көтөрүлүү перспективалары негизинен Ереванды куруунун 1968-жылдагы мамл. планында каралган (1 млн. адамга эсептелген, 1980-жылга чейин).

А-ның терр-ясынан табылган алгачкы көркөм чыг-лар (аскадагы чиймелер, жазуусу ж-а сүрөтү бар керамика, майда скульптура, металл эмеректер, көргөн буюмдар, жыгачка оюлган сүрөттөр ж. б.) б. з. ч. 6—2-миң жылдарга таандык. Урарту иск-восунун ж-а элиндик доордун эстеликтери (колдонмо иск-вонун жасалгалары, коло м-н алтын скульптуралар, оюлуп жасалган рельефтер, мозаика) сакталып калган. О. кылымда монументтүү живопись, мозаика, дубал жазуулары көбүрөөк өнүгөт (Двин, 5-к.; Звартноц, 7-к.; Смбатаван, 7-к.; Татев, 930-ж.; Ахтамар, 10-к.; Ахпат, 13-к.). Андан ары архит. скульптура — чиркөөнүн имараттарынын бет алдындагы рельефтер (6-к-дын аягы, 7-к-дын башы) өнүгөт. Ахтамар храмы (10-к.) декоративдик скульптуранын сюжеттери м-н кооздолот. Христиан дининин кабыл алынышы (301) ж-а армян алфавитинин түзүлүшү м-н (396) китеп живописи өнүгө баштайт. А-да миниатюра да 13—14-к-да жогорку деңгээлге жетет. 17—18-к-да станкалуу живопись (портреттик, пейзаждык, турмуштук ж. б. жанрлары м-н коштo) пайда болду. Ал кезде көрүнүктүү армян сүрөтчүлөрүнүн көбү тарыхый себептерден улам өз мекенинен четте жашоого ж-а эмгектенүүгө аргасыз болушкан. Мис., О. Мркуз м-н Минас (17-к.) Иранда, Б. Салтанов (17-к.) Москвада, Богуштардын үй-бүлөсү (17—18-к.) Львовдо, Манаселер үй-бүлөсү (18—19-к.) Турцияда иштешкен. Мында сүрөтчү Овнатанянгардын алты муунуна өзгөчө орун таандык (17-к-дын аягы—19-к-дын 80-ж.). А-да Совет бийлиги тушунда сүрөт иск-восу дүркүрөп өнүгө баштады. Сүрөт иск-восунун өнүгүшүнө улуу муундагы сүрөтчүлөр Е. Татевосян (1870—1936), С. Агаджанян (1863—1940), Ф. Терлемезян (1865—1941) салым кошту. М. Сарьяндын кайталангыс өнөрү дүйн. атак-даңкка ээ болду. Сов. армян иск-восунун өнүгүшүнө респ-каның белгилүү сүрөтчүлөрү Г. Гюрджян, О. Зардарян, Э. Исабекян, М. Абегян, алардан кийинки муундун өкүлдөрү Г. Ханджян, С. Мурадян ж. б. эмгек сиңирди. Скульпторлордун улуу муунунун (А. Саркисян, С. Степанян, А. Урарту, Е. Кочар,



Севан көлүнүн жээгиндеги жазуучулардын эс алуу үйү.

Н. Никогосян) жолун жолдогон жаңы муун кошулду (Г. Чубарян, С. Багдасарян ж. б.). Таланттуу график ж-а живописчи А. Коджоян (1883—1959) негиз салган китеп жасалгалоо өнөрү да азыр жог. деңгээлде турат. А-да Көркөм театрдык ин-т (1945), Ф. Терлемезян атн. сүрөт окуу жайы (1921), Ереванда, Ленинаканда, Кировканда сүрөтчүлүк мектептери бар. Сүрөт көргөзмөлөрү сүрөтчүлөр үйүндө, элдик чыг-лык үйүндө ж-а А-нын сүрөт галереясынын (1921—1935) сүрөт музейи деп аталчу залдарында көрсөтүлөт.

Музыкасы. Армян музыкасынын башаттары байыркы замандардын тереңинде жатат. Ал 3000 жылдан ашыраак элдик ырчылардын (гусандардын) өнөрүнүн, диний ырлардын эң сонун үлгүлөрүн берген монодия формасында өнүгүп келген. Байыркы эл ырларында эмгек, каада-салт, эпостук, бий ырларынын жанрлары болгон. Элдик музыканын негизинде диний мазмундагы профессионал муз. келип чыккан. Элдик профессионал музыканын өкүлдөрү адегенде гусандар деп аталса, кийин ашугдар деп аталган. Кийинки мезгилдин данктуу ашугдары м-н гусандары булар: Нагаш Овнатан (1661—1722), Саят-Нова (1712—1795), Ширин (1827—56), Дживани (1846—1909) ж. б. Армян эл аспаптары: сринг, зурна, паракапзук, шви (үйлөмө), кяманча, клямяни (кошмо), саз, капон, тар (чертме), тмбук, доол, даф (урма). А-да 5-к-да муз.-теориялык ж-а эстет. ой-пикир өнүгө баштаган. 8—9-к-дан бери музыканы жазуу үчүн хаз, 12-к-да хаздык нота жазмасынын (нотопись) экинчи системасы, 19-к-дын башында жаңы нота жазуусу колдонулат. Аны при теоретик ж-а комп. А. Лимонджян (1768—1839) ойлоп тапкан. 19-к-дын акыркы чейрегинде көп үндүү хор ырлар жаралат. Комп-лор Х. Кара-Мурза (1853—1902) м-н Н. Тигранян (1856—1951) жемиштүү иштеген. А. классикалык музыкасын жараткандар: Т. Чухаджян (1837—1898) — опера м-н оперетталардын, асыресе тунгуч армян операсы «Аршак Экинчинин» автору; М. Екмалян (1856—1905) — хордук «Патараганын» (армян литургиясы) автору; Комитас (1869—1935) — ири композитор, этнограф, теоретик ж-а аткаруучу, жаңы армян композитордук мектебинин негиздөөчүсү; А. Спендиарян (1871—1928) — армян симф. музыкасына негиз салуучу. Армяндын биринчи классикалык романстары Р. Меликянга (1883—1935), биринчи реалисттик опера А. Тиграняга (1879—1950) таандык. Окт. революциянан кийин армян музыкасы жаңы гүлдөө дооруна кирди. 1921-ж. Ереванда муз. студия ачылып, ал 1923-ж. консерваторияга айланды. 1930-ж. муз. театр, Композиторлор союзу ж-а филармония иштей баштайт. Биздин замандын эң көрүнүктүү композиторлорунун бири — А. Хачатурян (1903-ж. т.) армян музыкасын жаңы бийиктикке көтөрдү. Музыканын опера, балет, оперетта, симфония сыяктуу ж-а камералык, хордук, эстрадалык жанрларында белгилүү комп-лор К. Закарян (1895—1967), В. Тальян (1896—1947), А. Степанян (1897—1966), А. Айвазян (1902-ж. т.), А. Долуханян (1910—1968), А. Бабаджанян (1921-ж. т.), Дж. Тер-Татевосян (1926-ж. т.) ж. б-лар бир катар чыг-лар жаратышты. Армян совет музыка изилдөөчүлөрү: М. Агаян (1888—1966), А. Адамян (1884—1956), К. Кушнарян (1890—1960), А. Шавердян (1903—1954), Г. Тигранов (1908-ж. т.), Р. Аталян (1915-ж. т.) ж. б. Муз. турмуштун борбору — Ереван ш. Мында Спендиарян атн. опера ж-а балет театры (1933-ж. негизделген), музкомедия театры, филармония бар. Белгилүү дирижёрлору: СССР эл артисттери А. Мелик-Пашаев, Т. Алтунян; Арм. ССР эл артисттери А. Тер-Оганесян, О. Чекижян; скрипкачылары: И. Налбандян, Д. Давтян, А. Габриелян, А. Вартанян; пианисттери: Ю. Айрапетян ж. б.; виолончелисттери: М. Абрамян ж. б.; вокалисттери: Н. Папаян, Т. Налбандян, Е. Терян-Корганова, М. Бабаян, А. Шахмурдян, СССР эл артисттери А. Даниелян, З. Долуханова, Т. Сазандарян, П. Лисициан, Г. Гаспарян, Н. Ованесян.



СССР эл артисти Варгам Папазян Отеллонун ролунда.

Театры. Армян профессионал театрынын тарыхы б. з. ч. 53-жылдан, б. а. падыша Артавазд Экинчинин жетекчилиги м-н А-ным борбору Арташатта Евришиддин «Вакханкалар» трагедиясы коюлган убактан башталат. Байыркы армян актёрлору (дзайнарку гусандар, вохбергу гусандар, катакагусандар, катакергактар) грек ж-а армян трагедияларында, комедиялар м-н турмуштук драмаларда ойношкон. Пантомима өкүнү ж-а сатиралык коче театры да болгон. Литургиялык драманын негизинде христиандык диний театр түзүлөт. 17—18-кларда армян «колонияларында» жаңы армян театры пайда болот. 1668-жылдан 19-к-дын орто ченине чейин армян мектеп театры (чиркөөлүк ж-а граждандык) өнүгөт. 1836-ж. Г. Шермазанян Тбилисиде «Шермазанян дарбас» театрын ачат. Батыштагы армяндардын маданий борбору Константинополь болгон. Анда 1810-ж. армян спектаклдери алгачкы жолу коюлган. 1846—66-ж. «Арамян татрон» театры, 50-жылдары армян артисттеринин бир канча ишкибоз тобу иштейт. 19-к-дын 60-жылдарынын башында Константинополдо «Аревелян татрон» («Чыгыш театры», 1861), Тбилисиде 1863-ж. Г. Чмшкяндын (1837—1916) жетекчилиги астында ар дайым иштөөчү профессионал театрлар түзүлөт. Тунгуч совет армян театры 1918-ж. Түш. Кавказда ачылды. 1921-ж. Ереванда А-ным Мамл. 1-театры иштей баштайт (1937-жылдан Г. Сундукян атн.). 20—30-жылдары Ленинакан, Ереван, Кировакан ж. б. ш-ларда мамл. жаңы театрлар пайда болот. Театрлардын репертуарында классикалык ж-а азыркы армян драматургиясы, орус ж-а бат. европалык классика бар. 1944-ж. Ереванда Бүткүл союздук декспирдик фестиваль ж-а конф-я өткөрүлөт. А-ным театр өнөрүнүн шимерлеринен СССР эл артисттери: Р. Нерсесян (1895—1961), В. Папазян (1888—1968), В. Вагаршян (1894—1959), А. Аветисян (1897—1971), Г. Джанибекян (1897) ж. б.; Армян ССР эл артисттери: Л. Зограбян, О. Гулазян, Д. Малян, Т. Сарьян, режиссёрлор: СССР эл артисти В. Аджемян, иск-вого эмг. сиңген шимер А. Бурджалян, Арм. ССР эл артисттери: Л. Калантар, А. Гулакян, В. В. Вартанян ж. б. белгилүү.

Киносу. 1907-ж. алгачкы хроникалык кинокадрлар тартылган. 1923-ж. «Госкино» түзүлгөн. 1957-жылдан «Арменфильм» киностудиясы деп аталат. Тунгуч армян документ фильми — «Советтик Армения» (1924), көркөм фильми — «Намус». 1935-ж. тунгуч армян үндүү фильми «Пэпо» чыгат. Кийинки жылдары тартылган фильмдер: «Каро», «Зангезур», «Биздин колхоздун адамдары», «Эр жүрөк Назар», «Давид-Бек», «Ар-намыстан улам», «Добулдун жолу менен», «Аренага жол», «Саламатсыңбы, бул мен», «Үч бурчтук», «Ереван күндөрүнүн хроникасы» ж. б. Хроника ж-а документ фильмдердин Ереван студиясы «Бир тууган өлкө», «Армения жөнүндө поэма» деген фильмдерди чыгарган. Армян кино иск-восунун өнүгүшүнө режиссёрлор А. Бек-Назаров (1892—1965), П. Бархударян (1898—1948), С. Кеворков (1903-ж. т.), Э. Карамян (1912-ж. т.), операторлор Д. Фельдман (1902—1963), Г. Бек-Назарян (1894—1967), С. Геворкян (1900-ж. т.) маани-



лүү роль ойношту. 1965-ж. Арменияда 539 кинотеатр болгон.

Ад.: Ленин В. И., Армян социал-демократтарынын манифести жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 6-т.; ошонуку, Армениялык социал-демократиялык жумушчу уюму деп аталган нерсе жөнүндө, ошондо эле, 9-т.; История армянского народа, ч. 1, Ер., 1951; Эльчибекян А. Н., Армения накануне Великого Октября, Ер., 1964; Очерки истории Коммунистической партии Армении, Ер., 1967; Армения, М., 1966 (серия «Советкий Союз»); История армянской советской литературы, М., 1966; Измайлова Т. А., Айвазян М. А., Искусство Армении, М., 1962; Музыка Советской Армении. Сб. ст., М., 1960; Изобразительное искусство Армянской ССР, М., 1957; Арутюнян В. М., Оганесян К. Л., Архитектура Советской Армении, Ер., 1955; Ризаев С., Театры Советской Армении. Справочник, Ер., 1965; его же, Армянская художественная кинематография, Ер., 1963.

АРМЯН ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ — Армян ССРинин жог. ил. мекемеси. 1943-ж. Еревандагы СССР ИАнын Армян филиалынын базасында негизделген. Академиянын составында 42 академик, 48 мүчө-корр. ж-а 3 чет өлкөлүк мүчө (1975) бар. Академиянын 6 бөлүмүндө 28 ил. из. институт иштейт. Бюракан астрон.-физ. обсерваториясы; эсептөө борбору; химия, физика, биофизика, нейробионика лабораториялары; Севан гидробиолог. станциясы; ири ил. китепканасы бар. Армян ж-а орус тилдеринде ин-ттардын ил. эмгектери басылат.

АРМЯН ТАЙПАК ТООСУ — СССР, Турция ж-а Ирандын аймагындагы тоо. Түндүгү Кичи Кавказ, түш.-чыгышы Тавр ж-а Курдистан тоолору м-н курчалат. Аянты 400 миң *км*². Туф, лавалуу тайпак ж-а бөксө кырка тоолор м-н тектон. өрөөндөрдөн турат. Неоген м-н антропоген мезгилинде жер кыртышындагы жаракалар аркылуу базальт массасынын чыгышынан жер бетинде магма катмары пайда болгон. Жаракаларды бойлото жанар тоолор жайгашкан (эң бийиги — Чоң-Арарат, 5156 *м*). А. т. т-да тектон. чуңкурлар бар, алардын кээ бирлеринө суу толуп, көл пайда болгон (Ван, Севан). Негизги өрөөндөрү: Арарат, Эрзурум, Муш, Тебриз. Климаты континенттик, өрөөндөрү кургак келет. Жылдык жаан-чачын тоолордо 500—800 *мм*, өрөөндөрдө 150—300 *мм*. Январдагы орт. темп-ра —3°, —15°С, июлда 15°—20°С, өрөөндөрүндө 25°С. Тоонун түндүгүндөгү суулар Куранын, түштүгүндөгү суулар Тигр ж-а Евфраттын алабына кирет. Суулардын жээктеринде бадалдар ж-а майда токойлор (тал, ольха) өсөт. Оазистеринде (Эрзурум, Муш ж. б.) калк отурукташкан. Тоо капталдарынын нымдуу жерлеринде 1000—2300 *м* гө чейин токойлор (кызыл карагай, эмен, шибляктар), андан жогору тикендүү бадалдар өсөт. 2—3 миң *м* бийиктикке чейинки бөлүктөрүн тоо шалбаалары каптап жатат. Чоң-Арарат м-н өчкөн Сюпхан жанар тоолорунун чокуларында дайыма кар ж-а мөңгү жатат. А. т. т-да хромит, мышьяк, темир, алтын, полиметалл, марганец рудалары, туз, таш көмүр, табигый газ кендери бар.

АРМЯН ТИЛИ — СССРде ж-а чет. өлкөлөрдө жашаган армяндардын тили. СССРде А. т-де 3,2 млн-дон (1970), чет өлкөдө 1 млн-дон ашыгыраак адам сүйлөйт. Индоевроп. тилдердин тобуна кирген байыркы жазмасы бар тил. Армян адабий тилинин тарыхы байыркы (5—11-к.), орто (11—17-к.), жаңы (17-к-дан баштап) болуп үч мезгилге бөлүнөт. Жаңы мезгилде азыркы А. т. калыптанат да, 19-к-дын аяк ченинде жаңы армян адабий тилинин өзгөчөлүктөрү пайда болот. Жаңы армян адабий тилинин чыг. ж-а бат. варианты бар, алардын ар бири көптөгөн диалектилерди камтыйт. Армян ССРинин калкы мунун ашхарабар деген чыг. вариантында сүйлөйт.

Ад.: Гарибян А. С., Краткий курс армянского языка, 3 изд., Ер., 1960.

АРМЯНДАР (өздөрүн хай деп аташат) — улут, Армян ССРинин негизги калкы. СССРде 3 559 миң (1970). ГССР м-н Азерб. ССРинде ж-а Түш. Кавказда да А. чогуу жашаган жерлер бар. 60тан ашуун чет өлкөдөгү А-дын жалпы саны 1,8 млн-дон көп. Алар армян тилинде сүйлөшөт, негизинен монофисттик христиандар, чет өлкөлөрдөгү А-дын бир аз бөлүгү — католиктер ж-а протестанттар. А-дын эң байыркы ата-бабалары К. Азиянын түн.-чыг. бөлүгүндө жашаган калк болгон. Бул өлкө б. з. ч. 16—15-к-дагы хетт жазууларында Арматана, кийинчерээк (б. з. ч. 14—13-к.) Хайаса деп аталат. Ассириялыктар А-ды Урме дешкен. Армян элинин биригүүсү узак убакытка созулуп, негизинен б. з. ч. 4-к-да аяктаган. 19-к-дын 1-жарымында Чыг. Армениянын Россияга кошулушу анда капит. мамилелердин өнүгүүсүнө ж-а А-дын андан ары улуттук консолидациялануусуна мүмкүндүк берген. Бул процесс негизинен 19-к-дын аягында бүткөн. Арменияда Совет бийлиги орнотулгандан кийин (1920-жылдын аягы), соц. курулуштун жүрүшүндө А. соц. улут болуп консолидацияланышты, өз элинин мад-тын түзүп, аны андан ары өнүктүрүштү.

АР-НАМЫС — адамдын эл ж-а коом алдында өз кылганы үчүн моралдык жоопкерчилигин сезип, ойлогону м-н кылганын адамгерчилик абийири м-н баалай билишин туюндурган коомдук-этикалык категория. Бул *абийир*, уят деген түшүнүктөргө маанилеш. А.— адамдын жүрүш-турушун, турпатын баалай турган өтө маанилүү моралдык касиет, правалык фактор. Моралдык нормалар м-н эрежелерди, коомдук парызды так аткаруу А-ка байланыштуу. Коомдук максат м-н мүдөө — А-тын негизи. Керт баштын мүдөөсүн коомдук мүдөөгө баш ийдирип, коомдук мүдөөнү жогору коё билүү А-туулуктун эң мыкты көрүнүшү болот. Кимдин А. кандай экенин эл баалайт. Адамдын адамдык сапаты А-тын тазалыгынан көрүнөт. Капит. коомдо А. жеке менчикчил психологиянын таасиринде болот.

АРНЕДО Альварес Херонимо (14. 10. 1897-ж. т.) — Аргентинанын жумушчу ж-а коммунисттик кыймылынын ишмери. 1925-жылдан Аргентинанын компартиясынын (АКП) мүчөсү. Жумушчунун үй-бүлөсүнөн. 1913—33-ж. а. ч-нын, муздаткыч өн. ж-нын жумушчусу, портто жүктөгүч болуп иштеген. 1930-жылга чейин парт. төмөнкү ж-а профсоюздук уюмдарда кызмат кылган. 1930—31-ж. камакта олтурган, андан коомчулуктун талабы м-н бошотулган. Кийин да бир нече жолу камалган. 1933-жылдан АКП БКнын мүчөсү. 1935—37-ж. компартиянын Буэнос-Айрес провинциясындагы уюмуна жетекчилик кылган. 1938-жылдан АКП БК Аткомунун мүчөсү ж-а АКП БКнын Генеральный секретары.

АРНЕМЛЕНД — Австралиянын түндүгүндө, Тимор деңизи м-н Карпентария булуңунун ортосундагы жарым арал. Жери дөңсөөлүү плато (бийикт. 180—400 *м*). Байыркы кристаллдык тоо тектерди, төмөнкү мезозой ж-а бор мезгилинде пайда болгон кумдуктар каптап жатат. Өзөндөрдө субэкватордук токой, тоонун желаргы жак беттеринде ж-а чокуларында эквалиптүү токойлор м-н саванналар бар. Түн.-батышында Дарвин порту орун алган.

АРНОО — урматтоо, жогору баалоо ниетинде чыг-нын белгилүү бир окуяга же адамга арналышы. Мис., В. В. Маяковский «Владимир Ильич Ленин» поэмасын Россиянын Коммунисттик партиясына арнаган. А. Токомбаев «Солдат элек» повестин Окт. рев-ясынын жалындуу илеби м-н дүйнөгө келген алгачкы сов. окуучу комсомолдорго, «Комуз күүсү» аттуу жыйнагын коммунизм курулушунун ак ниет эрлери, асыл эмгектин чеберлери — кайраткер колхозчуларга арнайт. Кээде А. өз алдынча чыгарма болушу да мүмкүн. Мис., А. С. Пушкиндин «Кавказ туткуну», «Руслан жана Людмила», «Полтава», М. Ю. Лермонтовдун «Измаил-Бей» поэмаларындагы А-лор ушундай мүнөзгө ээ.

АРОИДДЕР (Araceae) — бир үлүштүү өсүмдүктөр классына кирүүчү тукум. Гүлдөрү майда, көп, бир же эки жыныстуу. Топ гүл өзөгү жоон, сото сымалдуу, анын сыртынан айландыра ороп турган түстүү орогуч жалбырактары бар. А. түймөктүү же тамыр сабактуу. А-дин 110 уруусу, 2000 түрү негизинен тропиктик жактарда өсөт. СССРдеги 7 уруусунун 14 түрү өлкөбүздүн Европа жагында, Сибирде, Ы. Чыгышта, Кавказда, Крымда, О. Азияда нымдуу, саздак ж-а көлөкөлүү жерлерде кездешет. Ак калдак уруусунун түрү үйлөрдө, оранжереяларда кооз гүл катары кеңири өстүрүлөт. А-дин түрлөрүнүн көпчүлүгүндө сапониндер, алкалоиддер, нитро-

глюкозиддер, эфир майы, таниддер бар. Уулуу өсүмдүктөрдүн кайсы бирлери (тамыры күчала) дарылык үчүн колдонулун жүрөт.

АРОМАТТЫК БИРИКМЕЛЕР — составы көмүртек м-н суутектин атомдорунан турган туюк чынжырлуу орг. бирикмелердин классы. Алардын адеп ачылгандары жагымдуу жыттуу болгондуктан, «А. б.» деп аталып калган. А. б-дин эң жөнөкөй өкүлү — *бензол* (I) ж-а анын гомологдору. А. б-ге *нафталин* (II), *антрацен* (III), *фенантрен* (IV) ж. б. конденсацияланган бензол шакектери бар бирикмелер ж-а алардан алынган заттар таандык:



I II III IV

А. б-дин бензол шакегиндеги көмүртек атомдору м-н байланышып турган суутектин атомдору алмашуу реакциясына оңой кирет. А. б-ди *сульфирлөө*, *нитрлөө*, галогендөө, ацетилдөө убагында да суутектин атому алмашып, ароматтык сульфокислоталар, нитро бирикмелер, галогенобензолдор пайда болот. Бул класска кирген бирикмелердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү кезектешкен жөнөкөй ж-а кош байланыштар болбостон, бензолдун көмүртектеринин бардык байланыштары бирдейлиги м-н түшүндүрүлөт. Алар абдан туруктуу ж-а башка бирикмелерден кыйындык м-н алынат. А. б-дин таш көмүр чайырынан, нефть продуктуларын ароматташтыруудан ж-а синтез жолу м-н да алууга болот. Ал ароматтык нитро бирикмелерди, сульфокислоталарды, фенолдорду, аминдерди, боёкторду, жарылгыч заттарды, полимерлерди синтездөөдө колдонулат.

АРОМОРФОЗ (гр. *áiro* — көтөрүлүү ж-а *mórphosis* — үлгү, форма), **ароге́нез** — морфофизиологиялык прогресс, эволюциянын жүрүшүндө таалдашкан биол. прогресстин негизги багыттарынын бири. А. Н. Северцов киргизген бул термин дене түзүлүштүн, анын функцияларынын ыңгайлашын өзгөрүшүн туюнтат. Мында жаныбарлардын тиричилик аракетинин ургаалдуулугу ж-а анын көрүнүштөрүнүн көп түрдүүлүгү (дифференцировкасы) жогорулайт. Организм жашап турган чөйрө өзгөргөндө, ага ылайык өзгөрүүлөр пайдалуу ж-а туруктуу болуп калат. А. түрдүн жаңы шартка ыңгайланышын жогорулатып, анын ареалдык кеңейишин көбөйтүүгө жаңы сапат берет. Жерде-сууда жашоочулардан баштап сут эмүүчүлөргө чейин мээнин ж-а кан тамыр системасынын эволюциясында сапаттык өзгөрүш боло турганын А. Н. Северцов А-го мисал катары келтирген. Сут эмүүчүлөрдүн 4 камералуу жүрөгү, өпкөсүнүн альвеолярдуу түзүлүшү ж-а диафрагмалуу дем алуусу жашоо үчүн ылайыкталбастан, алардын өзгөргөн чөйрөгө карата ыңгайланышына да мүмкүндүк берет. Сүт эмүүчүлөрдө заттардын ж-а энергиянын алмашышы өтө интенсивдүү жүргөндүктөн, денесинин темп-расы дайыма жогору, туруктуу болуп, жылуу кандуу келишет.

АРПА (Hordeuin) — дандуулар тукумундагы бир жылдык өсүмдүк. Мамагы бир гүлдүү. Машакчалары бир орунга үчтөн жайланышып, көбүнчө кабыктуу. СССРде анын оңго жакын түрү бар. Дыйканчылыкта көбүнчө эки же көп (төрт, алты) кырдуу күздүк ж-а жаздык А. эгилет, чарбаларда негизинен жаздык А. айдалат. А. тамак-аш, жем үчүн керектелет. Андан ун, акшак ж-а пиво даярдалат. 1972-ж. СССРде жаздык А-нын айдоо аянты 26,0 млн. *га*, ал эми Кырг-ида 186,3 миң *га* болгон. Аның түшүмдүүлүгү өлкө б-ча гектарынан 12,7, бизди респ-када 12,4 *ц* ди түзгөн. А. СССРдин бардык жеринде эгилет. Негизинен Украинада, Россиянын борб. кара топурак тилкесинде,



Арпа: *1* — ар кыл сорт, *2* — Нутанс — 970, *3* — Комбайнер.

Белоруссия, Латвия, Литва, Сибирь, Урал, О. Азия, Кавказ ж. б. райондордо кеңири таралган. Кырг-ндын бардык райондорунда, көбүнчө тоолуу өрөөндөрдө эгилет. А. 60—90 күндө бышат. Ал 1° жылуулукта өнө баштайт да, семиз топуракта жакшы өсөт, саздуу ж-а шор топуроктуу жерде түшүмсүз болот. Топурагы жакшы даярдалган ж-а жер семирткичтер көп чачылган жерде мол түшүм берет. Респ-када күздүк А-нын негизги сортторунан «Паллидум-247» ж-а «Персикум-64», жаздык А-нын «Нутанс-187», «Комбайнер», «Нутанс-45» ж. б. сорттору эгилет.

АРПА — Нарын д-нын сол куймасы (Ала-Бука суусунун башы). Уз. 65 *км*, алабынын аянты 347 *км*². Торугарт тоосунун түн.-чыгышынан агып чыккан Муз-Төр суусуна, Ат-Башы кырка тоосунун бат. тарабынан башталган Кара-Суу кошулун, Жаманты суусун түзөт. Жаманты чыгыштан батышка карай Арпа өрөөнү аркылуу агып өтөт. Ага сол жагынан Чоң-Кара-Каман, Кичи-Кара-Каман ж-а Каракол, оң жагынан Кожогул, Жамон-Даван суулары кошулгандан кийин, А. аталат. Бадүкө кууш капчыгай аркылуу агып, Бычан суусуна кошулгандан кийин, Ала-Бука делинет. Негизинен, моңгу ж-а кар сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 10—12 *м*³/*сек*, эң көп чыгымы июнь — июль, эң азы дек.—янв. Майда кирип, октябрда тартыла баштайт.

АРПА КӨРӨСТӨНҮ — б. з. ч. 2 мицичи жылдын ортосундагы, коло доорундагы көрөстөн калдыгы. Нарын. обл-нын Ат-Башы р-ндагы Арпа өрөөнүнүн Бурма-Чап деген жеринде. Көрөстөндү 1944—45-ж. А. Н. *Бернштам* изилдеген. Көрөстөндөн адамдардын күйгүзүлгөн сөөктөрү, чоподон жасалган идиш-аяктар, мончок, коло билериктер табылган. Алар Каз-ндан ж-а Алтайдан табылган коло доорунун эстеликтерине окшош.

АРПА ӨРӨӨНҮ — Ички Тянь-Шандын түш.-батышындагы бийик тоолуу өрөөндүү жайлоо. Түш.-батышынан Фергана, түштүгүнөн Торугарт кырка тоолору, чыгышынан Ат-Башы кырка тоосунун бат. тумшугу, түн.-чыгышынан Орток-Тоо ж-а түндүгүнөн Жаман-Тоо м-н чектешет. Аянты 347 миң *га*, уз. 65 *км*, туурасы 20—35 *км*. А. ө. түн.-батышты карай 3 бурчтук түрүндө созулуп, чыгыштан батышты көздөй эңиштен кетет, деңиз деңг. 2750—3100 *м* бийиктикте. Арпа суусу өрөөндү 2 бөлүккө (жазы жантайыңкы сол ж-а ичке тигирээк оң жээк) бөлөт. А. ө. — тектон. типтеги өрөөн. Өрөөндө палеоген ж-а неоген мезгилинде пайда болгон кыргыздын кызыл түстүү комплекси ж-а антропогендик моңгу-суу чөкмөлөрү, аллювий тектери жатат. Жамакты синклиналы — А. ө-нүн тектон. негизги структурасы. Курулуш материалдары (галечник, шагыл, чопо) жерг. керектөөлөр үчүн колдонулат. А. ө-нүн климаты катаал: жылдык орт. темпрасы —5,4°С, январдыкы —23°С, июлдуку 9,3°С. Жылдык жаан-чачындын орт. өлчөмү 250—280 *мм*. Агын суу-

Арпа өрөөнү, Сөөк суусу.



ларды кар ж-а моңгу сууларынан куралат, негизгиси — Арпа суусу. А. ө-де топурактын бир нече типтери (тоо чымдуу, чым көндүү альпы, тоо шалбаа, тоолуу кара күрөң, бийик тоолуу скелеттүү карбонат, бийик тоолуу күрөң чөл-талаа, субальпы шалбаа ж. б.) кеңири таралган. Өсүмдүктөрү бийиктик б-ча алмашылат. Мында бийик тоолуу талаа (2700—3100 *м*), токойлуу талаа шалбаасы (2700—2900 *м*), бийик тоолуу шалбаалуу талаа (2900—3100 *м*) ландшафт алкактары кездешет. Жаныбарлары: тоо өчкү, аркар, суусар, илбирс, суур, кашкулак, карышкыр, аюу, түлкү, улар, жору, бүркүт, чөкө таан ж. б. А. ө.— Кырг-ндагы жайкы (152,8 миң *га*) ж-а кышкы (28,7 миң *га*) чөп жайттардын бири. Мында негизинен Тянь-Шань, Ат-Башы р-ндорунун малы жайылат. Өрөөндүн чыг. бөлүгү аркылуу Фрунзе — Торугарт шоссе жолу өтөт.

Лит.: Чупахин В. М., Внутренний Тянь-Шань, Фр., 1959; Бассейн реки Нарын (Физ.-геогр. характеристика), Фр., 1960; Орозгожоев Б., Природа высокогорных пастбищ внутреннего Тянь-Шаня, Фр., 1968.

АРПАДДАР, Арпадовичтер — венгр князьдарынын (889—1000), кийинчерээк королдорунун (1001—1301) династиясы. Арпад негиздеген (889—907) А. династиясы Венгрияда феод. мамилелер калыптанган учурда ж-а 13-к-дын орто ченинен башталган феод. бытырандылык мезгилинде бийик жүргүзгөн. А-дан 5 князь ж-а 20 король чыккан.

АРПАНЫН АЛА-ТООСУ, Жаман-Тоо — Ички Тянь-Шандын түш.-батышындагы кырка тоо. Тоо Арпа өрөөнүн Ала-Буга — Нарын өрөөнүнөн бөлүп, батышынан Фергана кырка тоосу м-н туташып, кеңдик багытта созулуп жатат. Уз. 70 *км*, туурасы 30—35 *км*, эң бийик чокусу 4718 *м*, орт. бийикт. 3500—4000 *м*. Палеозойдун аягында пайда болгон чөкмө ж-а метаморфизмделген тоо тектерден турат, капталдары ооокалуу. Тоонун түш. капталы тик, түндүгү айдөөш, чыг. тарабын (Беш-Талаа, Орто-Сырт) кайнозой борпоң тоо тектери каптап жатат. Тоодон Үч-Арча, Жаман-Дабан, Масенл, Бурана-Чап суулары башталат. Тоонун морфоструктурасы— антиклинорий-горст, түш. ж-а түн. этектери тектон. жаракалар м-н чектешет. Арпа капчыгайы (Кепташ) А. А.-Т-нуи батышынан өтүп, аны Фергана кырка тоосунан (Пчандан) бөлүп турат. Ортоңку бөлүгү ж-а түн. капталдары моңгулуу. Тоо беттерин токой (арча ж. б.), субальпы ж-а альпы ландшафттары (3800—4500 *м*) ээлеп, этектериндеги талааларда (3400—3800 *м*) бадал өсөт. Капчыгайларында сай-тал, кайың, терек токойлору бар.

АРПА-ТЕКТИР — Ош обл-нын Алай р-ндагы Калинин сельсоветине карапгуу кыштак. «Правда» к-зунун айматында. Р-ндун борбору Гүлчөдөн 9 *км* түн.-бат. тарапта, Ош т. ж. станциясынан 91 *км*. Калкы 825 (1970). Орто мектеп, китепкана бар.

АРПЕ́ДЖИО, туура айтылышы арпе́джо (итал. arpéggio, arpeggiare — арфада ойноо) — аккорддук добуштарды көбүнчө төмөнкү тондон баштап болуп-болуп ойноо. А. арфада же фортепиподо ж. б. муз. аспаптарда ойногондо колдонулат.

АРРАС УНИЯСЫ — Нидерланддардын валлон провинциясынын бирикмеси. 16-к-дагы Нидерланд бурж. рев-ясынын ийгиликтерине кыжырданышкан валлон дворяндарынын демилгеси м-н 1579-ж. 6-январда Аррас ш-да түзүлгөн. Нидерланд дворяндарына берилген артыкчылыктарга кол тийгизбөө м-н испандык бийлик Филипп I Нин Нидерланддардагы суверенитетин сактап калууну, Түндүктүн рев-чыл провинциясына каршы күрөшүүнү көздөгөн. Түндүктө ага каршы *Утрехт униясы* түзүлгөн (1579).

АРРЕНИУС Сванте Август (19. 2. 1859—2. 10. 1927) — физ. химия б-ча швед илимпозу. Швед иАның мүчөсү (1901), бир топ өлкөнүн академияларына ж-а СССР иАсына ардактуу мүчө (1926). Кембридж, Оксфорд, Бирмингем ж. б. ун-ттердин ардактуу доктору, электролит диссоциация теориясынын негиздөөчүсү. А. Упсал ун-тин бүтүргөн соң (1882), Стокгольм иАның Физ. ин-тунда иштейт. 1895-жылдан Стокгольм ун-тинин профессору, 1905-жылдан Нобель ин-тунун директору. А. электролиттердин суюлтулган эритмелеринин электр өткөргүчтүгүн изилдеп, алардын молекулаcы эриген учурда заряддалган белүкчөлөргө — иондорго ажырайт деген жыйынтыкка келген (1887). А-тун *электролиттик диссоциация теориясы* — 19-к-дагы улуу ачылыштардын бири, ал эритмелерди андан ары үйрөнүүгө негиз берди. А. хим. реакциянын (к. *Химиялык кинетика*) ылдамдыгынын темп-рага көз карандылыгы ж-дөгү теңдемени түзгөн (1889).



С. А. Аррениус.

АРРОРУТ — тропикте өсүүчү өсүмдүктөрдүн көө бирлеринин тамыр-сабагынан алына турган крахмал ун. Ал көбүнчө Латын Америка өлкөлөрүндө маранта м-н маниоктун тамыр-сабагынан, о. эле банандын жемишинен алынат.

АРС НОВА (лат. ars nova — жаңы иск-во) — 14-к-да француз ж-а италиян музыкасындагы гуманисттик агым. А. н-да профессионалдык музыканын вокалдык-аспаптык жанрлары чиркөө муз. жанрларынан бөлүнүп, бийик деңгээлге жеткен ж-а фольклордук каада-салт музыкасына жакындашкан. А. н-ның теориясын 1309-ж. итал. музыка изилдөөчү Маркетто Падуанский иштеп чыккан.

АРСЕ́Н, Арсен Одзелашвили (т. ж. белгисиз — 1843) — 19-к-дын биринчи жарымында Грузияда башталган дыйкандардын азаттык күймылынын катышуучусу, «Арсен жөнүндө ыр» деген элдик поэманын каарманы. Байлардан тартып алган акча, мүлктүн баарын А. кедей-кембагалдарга бөлүштүрүп берип, өзүлгөн калктын сүйөнчүлүгүнө ээ болгон. А. ж-дөгү элдик поэма 19-к-дын 40-жылдарында жаралып, 1872-ж. жарыяланып, ошондон бери 50 гө жакын ирет кайра-кайра басылган. Элдик баатыр А-дин образы грузин акын-жазуучуларынын (И. Чавчавадзе, А. Церетели, А. Казбеги ж. б.) чыгаларында, о. эле сов. кинодо (мис., М. Чиаурелинин «Арсен» кинофильминде) чагылган.

АРСЕНА́Л (фр. arsenal, итал. arsenale, ар. дар ас-сынаа — оперкана, устакана) — курал-жарак ж-а ок-дары кабыл алуу, алары сактоо, эсептөө ж-а таратып берүүгө арналган аскердик мекеме. Анда курал-жарактарды оңдоо, жыйноо, айрым бөлүкчөлөрүн жасоо да жүргүзүлөт. 19-к-дын алгына чейин А-дардын көпчүлүгү жөө ж-а деңиз аскерлеринин курал-жарактары м-н ок-дарыларынын бир топ түрүн чыгарууга иштеген. 1584-ж. «Замбирек куюу үйү» деп аталган Москва А-ы (Кремлде), 1712-ж. Петербургда «Куюу иши ж-а замбирек жасоо үйү», 1764-ж. Киев А-ы, 1783-ж. Брянск А-ы салынган. Кронштадт м-н Севастополдо деңиз А-ы пайда болгон. Германияда — Мюнхен, Францияда — Лион, Англияда — Вулидж, АКШда — Франкфорд ж. б. А-дар болгон. 20-к-дын башында курал-жарактарды жасап чыгаруу ө. ж-дын өз алдынча тармагы катары бөлүнүүсүнө байланыштуу А. алгачкы маанисин жоготуп, тек гана склад же база катары пайдаланып калган. СССРде А. аскер мекемеси катары колдонулбайт.

АРСЕНА́ТТАР — мышьяк к-талары-нын $HAsO_3$, H_3AsO_4, $H_4As_2O_7$ туздары. Булардын маанилүүсү — ортоарсенаттар. А-дын каснеттери фосфаттардыкындай. Алар уу заттар. Кальций А. а. ч. өсүмдүктөрүнүн зыянкечтерин жок кылуу үчүн колдонулат.

АРСЕНИ́ДДЕР — мышьяктын металлдар м-н бирикмелери: K_3As, Na_3As, Zn_3As_2, Ca_3As_4 ж. б. А.— жог. темп-ада эрүүчү катуу заттар. Ал мышьякка элементтерди кошуу, арсенаттарды калыбына келтирүү ж. б. жол м-н алынат. Көө бирлери жарым өткөргүчтүк касиетке ээ. Айрыкча мезгилдик системанын III тобундагы металлдардын арсениддери чоң маанилге ээ.

АРСЕНИ́ТТЕР — мета, орто ж-а пиро мышьяктуу к-талардын $HAsO_2$, H_3AsO_3, $H_4As_2O_5$ туздары. А.— уу заттар. Жегич металлдар м-н аммоний-

дин А. гана сууда эрийт. Кальций, натрий А. а. ч. өсүмдүктөрүнүн зыянкечтерин жок кылууда колдонулат.

АРСЕНОПИРИТ (лат. arsenicum — мышьяк ж-а *пирит*), мышьяк колчеданы — темирдин сульфомышьяктуу бирикмелер тобундагы минерал. Хим. формуласы FeAsS. *Моноклин системасында* кристаллданат. Өңү калай сыяктуу бозомук, металл сымал жалтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* 6-ча 5,5—6. Катуу нерсе менен чапкылаганда, сарымсак жыттанат. Сульфид рудалары м-н аралаш жолугат. А.— мышьяк бирикмелерин алууда негизги руда; андан кээде кобальт м-н никель алынат.

АРСЕНЬЕВ — РСФСРдин Приморье крайындагы шаар. Даубихе (Уссуринин куймасы) д-сынын оң жээгинде жайгашкан. Манзовка — Варфоломеевка т. ж. тармагындагы станция. Калкы 47,3 миң (1970). Машина куруу, курулуш материалдары, мебель ж-а жыгач иштеп чыгаруучу комбинаттары бар. Семенов пос. 1952-ж. шаарга айлантылып, ага Ы. Чыгышты изилдөөчү В. К. Арсеньевдин ысмы коюлган.

АРСТАН (Felis leo) — мышык сымалдар тукумуна кирүүчү эң ири жырткыч айбан. Дене түзүлүшү чың, башы чоң, куйругунун учу кара кылдуу. Денесинин уз. 2,1 *м* ге, бийикт. 1,2 *м* ге, куйругу 1 *м* ге, салм. 280 *кг* га жетет. Шамдагай ж-а күчтүү. Жүнү тайкы, өңү күрөң сары. Эркегинин мойну м-н көөдөн жагында кара күрөң, узун жалы болот. А. жалгыздан же 5—10дон топтошуп жүрөт. А. Африка м-н Түш.-Бат. Азиянын саванна жарым чөлдөрүндө кездешет. Ал ири сүт эмүүчүлөрдүн (бөкөн, зебр, жираф) эти м-н азыктанат, кээде айбанаттардын тарпын, чычкандарды да жейт. Малга же адамга сейрек кол салат. А-дын жыныстык жетилүүсү 3-жылы башталып, үйүгүшөт; ургаачысы 4 айча көтөрүп, 1—6 күчүк тууйт. А-дар зоопарктардын көбүндө багылып, 25—35 жыл жашайт. А. колго бат үйрөнүп, капаста тукумдай берет.

АРСТАН (лат. Leo) — зодиак топ жылдызынын бири. Кичи Арстан, Рак, Гидра, Секстант, Кыз, Вероника Чачы ж-а Чоң Жетиген топ жылдыздарынын арасына жайланышкан. А-дын эң жарык 4 жылдызы (α, β, γ, δ) трапецияны түзүп тургандыктан, аларды оңой көрүүгө болот. А-дын α (Регул) жылдызы көгүш түстө ж-а 1-жылдыздык чоңдукта.

АРСТАНБАП — Түш. Кырг-ндагы табигый кооз жер. Фергана тоо тизмегиндеги Бабаш-Ата кырка тоосунун түш. этегинен орун алып, мезозой заманы ж-а палеоген-неоген мезгилдеринин кызыл, боз түстүү чөкмө тектеринен турат. А. өрөөнүнүн төрүндө тар капчыгай, корум таш ж-а палеозойлук аки таш массивдери бар. Жер бетиндеги аки таш массивдери майда сууларды бөгөп, шаркыратма пайда кылат. Аларга Бабаш-Ата, Арстанбап шаркыратмасы кирет. Бул өрөөндүн рельефи бир өңчөй эмес, дөңсөөлүү, бөлөстүү келип, кээ бир жерлери түзөң тартып кетет. Кышында түндүктөн келген муздак абаны Бабаш-Ата кырка тоосу тосуп калат. Жайында Фергана өрөөнүнөн соккон кеңимсел анчалык таасир тийгизбейт. Жайкысы ысык 30—31°C, кышы суук —22—23°C. Жылдык жаан-чачын 1000 *мм*. Өрөөндүн деңиз деңг. 1000—2000 *м* бийигинде жаңгак токою, ага аралаш алча, алма, кара өрүк, карагат, чие, четин, шилби, кайың, ит мурун ж. б. өсөт. Тал, терек, чычырканак, балгын, алча ж. б. өзөнгө көрк берет. А.— дүйнөдөгү эң кооз жердин бири. Табигый мөмө-жемиш токою 37 миң *га*. А-та сүт эмүүчүлөрдүн 40тан ашык, канаттуулардын 157, жерде-сууда жашоочулардын 5тен ашык түрү (бака, жылан) бар. Алардан — доңуз, суусар, суур, кашкулак, аюу, элик, тоо эчки, кекилик, улар, чил көбүрөөк кездешет, зубр, лань кийинчерээк байырлатылды. А-тын жаңгак токою байыртан бери белгилүү. 1890-ж. С. И. Коржинский алгачкы ил. изилдөө жүргүзгөн. А-тын эл чарбасы үчүн чоң мааниси бар. Мында 1932-ж. токой совхозу уюшулуп, кийин токой чарбасына кошулган. Жылына мамлекетке болжол м-н 800 *т* жаңгак, 400 *т* алма, 50 *т* алча, 10 *т* мисте ж-а 530 *т* дан ашык бал өткөрүлүп, анын 30% экспорттолот, 1073 $м^3$ сапаттуу жаңгак ж-а алма жыгачы мебель комбинаттарына жөнөтүлөт. А. токоюн жакшыртуу үчүн 3011 *га* жерге (1966) жаш көчөттөр отургузулган. А-та туристтерди, эс алуучуларды тейлөө үчүн атайын мейманкана, ашкана, клуб сыяктуу маданий-дем алуу жайлары бар. Жайкысын пионер лагерлери иштейт.

Ад.: Садыков А. С., Народнохозяйственное значение орехово-плодовых лесов Южной Киргизии, Фр., 1964; Пулко Ю. Э., Орехоплодовые леса юга Киргизии, Фр., 1965.

АРСТАНБАП — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Киров сельсоветине караштуу кыштак. Р-ндун борбору Ленин-Жол кыш-нан 58 *км* түн.-чыгышта, Бабаш-Ата кырка тоосунун түш. этегинде (бийикт. 1400 *м*). Калкы 3510 (1970). Элинин негизги кесиби — токойчулук (жаңгак, алма, мисте ж. б.). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт, төрөт үйү ж-а пионер лагерлери бар. А-ка жылына миңдеген туристтер ж-а эс алуучулар келишет. Жалал-Абад ш. м-н шоссе жолу аркылуу катташат.

АРСТАНБАП КҮМБӨЗҮ — 16—18-к-га таандык архит. эстелик. Ал Арстанбап суусунун сол жээгинде, Арстанбап кыш-нын (Ош обл., Ленин р-ну) аймагында. Күмбөз узун төрт бурчтук түрүндө курулган. Адеп тургузулганда үстү түндүк формасында жабылган болуу керек, бирок кийин ал урап калгандыктан, жерг. эл чатырчалап жабышкан. Ал ушу кезге чейин сакталып турат. Күмбөздүн дубалдарына өсүмдүктөр жалбырактарынын, бутактарынын сүрөттөрү ж. б. оймо-чиймелер түшүрүлгөн. Төрт бурчунда кооздолгон тирөөчтөрү бар. Эшигинин үстү үч бурчтуу, арка түрүндө жасалган. Күмбөздүн туурасы 5,7, уз. 9,9 *м*. А. к.— О. Азия элдеринин курулуш өнөрүн билүүдө кызыктуу архит. эстелик.

АРСТАНБАП ШАРКЫРАТМАСЫ Бабаш-Ата кырка тоосундагы Арстанбап (Кара-Үңкүрдүн оң куймасы) суусунда. Арстанбап кыш-на жакын тоонун этек жагындагы тик аскадан кулап түшөт. Мында эки (Чоң ж-а Кичи) шаркыратма бар. Чоң шаркыратманын жалпы бийикт. 200 *м* ге жакын үч баскычтан турат. Суу аскада эки жак бети жалама зоолуу кууш каньон пайда кылат. Кооздугу жагынан Кичине шаркыратма айрыкча көңүлдү бурат, бийикт. 20 *м* ге жакын. Чачыраган майда суу тамчылары күн нуруна чагылышып, көк желени пайда кылат. Аскалардын бети жашыл эңилчектер м-н капталган. Ал шаркыратма айланасындагы табигый кооздуктун (мөмө-жемиш токою ж. б.) көркүнө көрк кошуп турат. Мурунку убакта шаркыратмалар, айрыкча кичинеси диничилердин зыярат кылган ыйык жери болсо, азыр туристтердин, эс алуучулардын сүйгөн жайына айланып калды.

АРСЫ — Нарын обл-нын Кочкор р-нундагы Семиз-Бел сельсоветине караштуу кыштак. «Кочкор» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кочкордон 7 *км* түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 67 *км*. Калкы 337 (1973). Башталгыч мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар.

АРСЫ КЕНИ — Нарын обл-дагы коргошун кени чыгуучу жер. Кыргыз Ала-Тоосунун чыгышындагы Арсы сайынын баш жагында. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. 1932—35-ж. «Казполиметалл» трестинин Кыргыз конторасы, 1951—55-ж. «Средазцветметразведка» тресті, 1955-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кендин аймагы таш көмүр мезгилинде пайда болгон конгломерат, кумдук, сланец, аки таш тектери ж-а пермь мезгилинин сиенит, диабаз ж-а порфириттеринен турат. Арсы тектон. жаракасы кен аймагын түн.-чыгышты көздөй кесип өтөт. Кендеги рудалар уя же тарамдар түрүндө ошол жараканы бойлой жатып, негизинен барит, кварц, галенит. сфалерит, халькопирит, пирит, арсенопирит ж. б. минералдардан түзүлгөн. Кенде бири-биринен көп алыс эмес аралыкта жаткан эки руда тилкеси табылган. Биринчисинин уз. 450 *м*, калыңд. 3,4 *м*, экинчисинин өлчөмү бир аз кичине. А. к. герцин металлогениялык доордо гидротерм жолу м-н пайда болгон. Азырынча казыла элек.

АРСЫГУЛОВА Жумакалый (1922—

1948) — кыргыздын алгачкы балеринасы. Кыргыз ССР эмг. сиң. артисткасы (1945). 1946-жылдан КПССтин мүчөсү. Ленинграддагы хореогр. окуу жайын бүткөн. Аткарган көрүнүктүү ролдору: Лиза («Күнүлөштөр», 1939), Сванильда («Коппелия», 1940—41), Анар («Анар», 1940), Лауренсия («Лауренсия», 1941), Лиза («Сыйкырдуу сурнай», 1942), Айдай («Чолпон», 1944) ж. б. А. жөндөмдүү педагог катары кыргыздын улуттук бийчи жаштарын тарбиялоодо көп эмгек сиңирген. Кыргыздын классикалык бийинин өнүгүшүнө айтаарлык салым кошкон.

АРТАМОНОВ Константин Филиппович (1910-ж. т., Түркмөн ССР, Чарджоу ш.) — сов. инженер-гидротехник-мелиоратор, тех. илимд. доктору (1966), проф. (1968), ВАСХНИЛге анык мүчө (1972). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Ташкендеги а. ч. ирригация ж-а механизация ин-тун бүтүргөн (1937). 1941—47-ж. Сов. Армиянын катарында кызмат өтөп, Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1947—54-ж. О. Азия ирригация ил. из. ин-тунда ил. кызматкер, 1954—55-ж. Кырг-н суу чарба ил. из. ин-тунун гидравлика ж-а гидротех. курулуштар лабораториясынын жетекчиси, 1955—61-ж. ошол эле лабораторияны башкаруу м-н бирге ин-ттун директоруна ил. иштер б-ча орун басар болгон. 1961-жылдан Кырг-н суу чарба ил. из. ин-тунун гидравлика, гидротех. курулуштар ж-а аларды автоматташтыруу бөлүмүнө башчы болуп иштейт. А. дарыялардын морфометриясы, алардын трансп. мааниси, гидравликалык мүнөздөмөсүнө байланыштуу, сугат системаларындагы гидротех. курулуштар, аларды автоматташтыруу чараларын иштеп чыккан. Анын 100дөн ашык ил. эмгеги жарыяланган. А. Ленин ордени, 1- ж-а 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Регулировочные сооружения и работы на реках в предгорных районах, Фр., 1957; Регулировочные сооружения при водозаборе на реках в предгорных районах, Фр., 1963.



Артезиан кудугунун схемасы: *1* — бургулоо көзөнөгүн бекитүүчү темир түтүктөр; *2* — фильтр; *3* — насос; *4* — суунун статикалык деңгээли.

АРТЕЗИАН КУДУГУ — артезиан сууларын жер үстүнө чыгаруу үчүн бургуланып казылган көзөнөк (скважина). А. к. казылган жай *артезиан сууларынын* деңгээлинен төмөн болсо, суу жер үстүнө өзүнөн өзү эле агып чыгат. Башка учурларда сууну чыгарыш үчүн насос коюлат. Суу горизонту урама, борпоң тоо тектерден (кум, шагыл, чопо ж. б.) орун алса, бүтөлүп калбас үчүн көзөнөктүн капталдарына темир түтүктөр ж-а чыпка (фильтр) коюлат (к. схеманы). А. к-нун тереңдиги жер астында суулардын жайгашуусуна жараша болот. Гидрогеол. шартка жараша ар бир А. к-нан суткасына 50—1000 $м^3$ ге чейин суу алууга мүмкүн. Тарыхый маалыматтарга караганда, А. к. Египетте, Кытайда, Кара деңиздин боюнда б. з. ч. эле пайдаланылып келген. А. к. калкты таза суу м-н камсыз кылууда, сугат иштеринде, минералдуу сууларды алууда колдонулат. Мындай кудуктар Кырг-ндын Чүй, Ысык-Көл, Талас, Фергана өрөөндөрүндө кеңири пайдаланылууда.

АРТЕЗИАН СУУЛАРЫ (лат. Artesium — Франциянын Артуа деген провинциясынын атынан) — суу өткөрбөөчү катмарлардын арасында ж-а гидравликалык кысым м-н жаткан жер астындагы суулар. Жер үстүндөгү суулардан айырмасы: алар байыр-



Артезиан бассейнинин схемалык түзүлүшү: *1* — суу өткөрбөөчү катмарлар; *2* — суу чогултуучу катмарлар; *3* — дарыя чөкмөлөрү; *4* — суу деңгээли; *5* — булактар; *К* — суу чогултуучу аянт; *А* — кысымда туруучу аянт; *Б* — сууну тышка агызып чыгаруучу аянт; *ӨАК* — суу өзү агып чыгуучу аянт; *АК* — акпас (суу насос м-н чыгарылуучу) кудук.

кы заманда пайда болуп, түрдүү составда минералданат. Көбүнчө *антропоген мезгилине* чейинки тоо тектерде ж-а геол., ири структураларда кезигет. Алар негизинен 50 *м* ден 8 миң *м* ге чейинки тереңдикте жатат. Мындай жерлерди бургулап казганда, суу агып же атырылып чыгат. А. с-нын бир нече горизонттон турган геол. структурасы **артезиан бассейни** деп аталат. Артезиан бассейни суу чогултуучу, кысымда туруучу ж-а булак түрүндө сыртка агызып чыгаруучу аянттардан турат (к. схема). А. с-нын өлчөмү, кысымы, булактын оргуштап чыгышы атмосф. жаан-чачынга, климаттык шартка, ошол жердин геол. түзүлүшүнө байланыштуу. Артезиан бассейндеринин эң жог. жагында гидрокарбонаттуу тузсуз, ортосунда сульфат-щёлочтуу, түп жагында хлориддүү келген туздуу суулар жолугат. Аз минералдашкан суулар жаан-чачындан, өтө минералдашканы тереңдиктеги байыркы көлдөрдүн калдыгынан пайда болот. СССРде эң ири артезиан бассейндери Бат. Сибирде (аянты 3 млн. $км^2$), Каз-нда (Арал м-н Балкаш көлдөрүнүн аралыгы), Кырг-нда Чүй, Фергана, Ысык-Көл өрөөндөрүндө ж. б. жерлерде бар. Чет өлкөлөрдө Түш. Африкада, Чыг. Австралияда кезигет. А. с. калкты таза суу м-н камсыз кылууда, мал жайыттарына суу чыгарууда, айдоо аянттарын сугарууда пайдаланылат.

Ад.: Овчинников А. М., Общая гидрогеология, 2 изд., М., 1954; Ланге О. К., Подземные воды СССР, ч. 1—2, М., 1959—1963.

АРТЕК — В. И. Ленин атн. Бүткүл союздук пионер лагери; Крымдын түш. жээгинде, Гурзуфка жакын жерге жайгашкан. А. 1925-ж. ВЛКСМ БК м-н Кызыл Кресттин Россия коому тарабынан түзүлгөн (ВЛКСМ БКнын карамагында). А.— СССРдеги жылы бою иштеп, балдардын ден соолугун чыңдоочу, эң ири эс алуучу жай. Лагерде миңге жакын пионер вожатый-мугалим, ийримдердин ж-а секциялардын жетекчилери, мед. кызматкерлери иштейт. А-те жылына 27 миңге жакын пионер эс алат, жайкы мезгилде бир эле убакта 10 пионер дружинасында 4,5—5 миң бала болот. 1945-ж. А. Эмгек Кызыл Туу ордени, тынчтыкты ж-а достукту чыңдоо б-ча жемиштүү иши үчүн 1957-ж. Тынчтыктын бүткүл дүйн. советинин Грамотасы, 1975-ж. Эл Достугу ордени м-н сыйланган.

АРТЕМ (өз аты-жөнү — Сергеев) Федор Андреевич [7(19). 3. 1883—24. 7. 1921] — сов. мамл. ж-а партиялык ишмер. Курск губ-да Глебово с-да дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1901-жылдан Компартиянын мүчөсү. 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышкан. РСДРПнин 4- ж-а 5-съезддеринин делегаты. 1907-ж. камакка алынып, Чыг. Сибирге өмүр бою сүргүнгө айдалган. 1910-ж. ал жерден качып, Корея, Кытай аркылуу Австралияга барат. Квинсленд штатында жумушчу-эмигрант орустардын союзун уюштурат. А. 1917-ж. Россияга кайтып келип, РСДРП(б)нин Донецк облпарткомунун бюросунун секретарлыгына, РСДРП(б)нин 6-съездинде (1917) БКнын мүчөлүгүнө шайланат. Укр. Советтеринин БАКна мүчө. 1918-ж. Донецк-Кривой Рог Респ-касынын ЭКСинин пред-ли, Украина КП(б) БКнын мүчөсү. А.— контрев-чыл Борб. раданын, казак-орустардын атаманы Калединдин аскерлерине, немец баскынчыларына каршы күрөштүн көрүнүктүү уюштуруучусу. 1919-ж. Украинанын Убактылуу өкмөтүнүн пред-лине орун басар. Деникиндин аскерлерине каршы күрөшкө активдүү катышкан ж-а же-

текчилик кылган. 1920—21-ж. РКП(б)-нин Москва комитетинин секретары, ББАКтын мүчөсү. Партиянын 8-съездинде РКП(б) БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 9-съездинде БКнын мүчөсү болуп шайланган.

АРТЁМ — РСФСРдин Приморье крайындагы шаар. Муравьев-Амурск ж. а-нын түп. болгүндө жайгашкан. Калкы 61,4 миң (1970). Күрөң көмүр алынат. Килем, пианино, мебель ф-калары, фарфор э-ду, курулуш материалдарын чыгаруучу ишканалар иштейт. Ы. Чыгыш политех. ин-тунун кечки бөлүмү, кечки тоо курулуш ж-а индустр., пед. техникумдары бар. А. 1938-жылдан бери шаар. *Артёмдук* (Ф. А. Сергеев) ысымына коюлган.

АРТЁМЕНКО Степан Елизарович [9 (22). 1. 1913-ж. т.] — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (27. 2.; 31. 5. 1945), полковник. 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. 1941-жылдан Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1-Белорус фронтунда Варшаванын түштүгүндөгү ж-а Нетце, Одер д-ларынан өтүүдөгү салгылашууларга катышкан. 1955-жылдан запаста. Ленин ордени, 2 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АРТЁМОВСК (1924-жылга чейин — Бахмут) — УССРдин Донецк облдагы шаар, Артемовск р-нунун борбору. Бахмут д-ның (Дондун алабы) боюнда. Калкы 82,4 миң (1970). Таш туз казып алуу (СССРде 43%ин) ж-а курулуш материалдарын чыгаруу өнүккөн. Түстүү металлдарды өндүрүү, машина куруу, тамак-аш ж-а жеңил ө. ж. ишканалары иштейт. Бүткүл союздук пл. из. туз ө. ж. ин-ту, техникумдар, пед., мед., муз. окуу жайлары бар. А. *Артёмдун* (Ф. А. Сергеевдин) ысмына коюлган.

АРТЕРИЯ — кызыл кан тамырларынын керегесинин сезгенүүсү. А-тин катуу кармаган ж-а өнөкөт түрү бар. Катуу кармаган түрү абдан жугуштуу оорулардан (баш ж-а ич келте, сепсис, грипп) кийин кездешет. А-те кызыл кан тамырларынын керегесинин чоюлма ж-а булчуң талчаларын бузулуп, ошол жерде тромбалар пайда болушу мүмкүн. А-тин принцүү түрү өмүргө коркунучтуу, анда кан тамырлардын керегесиндеги ткандар чирип, принден, кан тамырды жарып же кенейтип көңдөйлөтөт (к. *Аневризма*). Өнөкөт А. *курак учук, актиномикоз*, аш казандын өнөкөт жараат оорусуна чалдыккандарда жолугат.

АРТЕРИЯЛАР (гр. arteria — кызыл кан тамыры) — денеинин бардык органдар м-н ткандарына жүрөктөн кан таратып туруучу тамыр тармактары. Артериялык системага өнөкөнүн кызыл кан тамырлары, толто, анын бутакчалары ж-а эң майда кызыл кан тамырлары кирет. Түзүлүшү б-ча, А. чоюлма түтүкчө түрүндө болуп, керегеси тутумдаштыргыч ткандуу (сыртқы), жылма булчуң талчалуу ж-а чоюлма ткандуу (ортоңку), эндотелий клетка катмарынан (ички) түзүлгөн үч кабыктан турат.

АРТЕРИЯЛЫК КАН БАСЫМЫ — кандын артериялык кан тамырларынын бетине тийгизген басымы. Дени соо адамдын жүрөгү жыйрылган учурда нормадагы систоликалык кан басымы 100—130 *мм* ж-а жыйрылуулардын аралыгындагы диастоликалык кан басымы 60—80 *мм* сымап мамычасына барабар. А. к. б. адамда убактылуу бир аз өйдө-ылдый болуп, өзгөрүлүп турушу мүмкүн. Систоликалык А. к. б. улгайган адамдарда жогорураак, балдарда төмөнүрөөк болот.

АРТИКУЛЯЦИЯ (нем. artikulation, лат. articulo — бөлүп айтуу) — музыкалык аспап м-н же обон аркылуу ырааттуу үн чыгаруунун жолу. Аткаруучулук өнөрүндө А. маанилүү роль ойнот, бир нече түргө бөлүнөт: 1) легато — бир үндүн бөлүнбөй экинчи үнгө өтүшү; 2) стаккато — ыр обонунда, муз. аспапта үндү бөлүп-бөлүп аткаруу жолу; 3) портаменто — бир үндөн экинчи үнгө жай, салмактуу, ыргактуу, динамикалык жагынан созулуңку бир калыпта ойноо; 4) глиссандо — бир үндөн экинчи үнгө тез өтүү.

АРТИКУЛЯЦИЯ (лат. articulo — даана, айкын айтуу) — сүйлөө органдарынын создордү түзүүчү тыбыштарды жасоодо өзгөрүп, ар кыл кымыл-аракетке келип туруу абалынын жыйынтыгы. А. үч фазадан — сүйлөө органдарынын тыбышты жасоого ылайыкталып, оңтойлуу абалга келишинен (экскурсия), белгилүү бир тыбыш айтылып жаткандагы абалынан (айтылыш) ж-а сүйлөө органдарынын белгилүү тыбышты айтып бүтүп, алгачкы абалына келишинен же кийинки тыбышты айтууга илайыкталышынан (рекурсия) турат.

АРТИЛЛЕРИЯ (фр. artillerie — даярдоо, жабдуу) — 1) кургактагы аскерлердин бир түрү; 2) артилл. куралдардын жыйындысы; 3) артилл. куралдарынын түзүлүшү, өзгөчөлүктөрү ж-а колдонуу жолдору ж-дөгү илим. Миномёттук, реактивдүү түзүлүштөр, курал-жарактар ж-а танкага каршы реактивдүү снаряддар м-н жабдылган кургакта уюштурулган аскердик бирикме, бөлүк. А-нын карамагында транспорт, чалгындоо, байланыш, сүйрөө каражаттары ж-а ок атууну башкаруу приборлору болот. А. ок атуучу бардык куралдарды, согуштук техникаларды, адам күчтөрүн, коргонуу курулуштарын ж. б. объектилерди жок кылууга, о. эле жалпы аскердик бөлүктөр м-н бирикмелердин коштоосу аркылуу душмандарга соккү урууга багытталат. Уюштурулушу б-ча бирикмелердин, бөлүктөрдүн, бөлүкчөлөрдүн составына кирген аскердик артиллерияны түзөт да, ал корпустук, дивизиялык, полктук ж-а батальондук болуп бөлүнөт. Аскердик А-нын карамагына кирбеген А. Жог. Башкы командачылыгынын резервинде турат. Максаттары ж-а куралдык түрү жагынан А. гаубицалык, замбиректик, реактивдик, зенитдик ж-а миномёттук болуп бөлүнөт. А-нын атайын (танкага каршы, тоолуу жерге ылайыкталган ж-а казематтык) түрлөрү да бар. Аскер-деңиз флотунда А. кемелик (аның ичинен зенитдик) ж-а жээктик болуп айырмаланат. Аскер-аба күчтөрүндө А-лык куралдар согуп самолётторуна орнотулуп келген, азыр алар ракета куралдары м-н алмаштырылды. Миномёт ж-а реактивдүү установкалар кубаттуулугу б-ча жеңил, орто, оор, чоң ж-а абдан кубаттуу А. болуп бөлүнөт. От м-н тутандырылып атылуучу куралды 1-жолу 13-к-дын аягы — 14-к-дын башында арабдар пайдаланышкан. Орустар А-ны 1382-ж. Москваны Тохтамыш хандын чабуулунан коргоодо колдонушкан. 14—15-к-да Европанын бир катар өлкөлөрүндө А. куралдарын куюп жасоо өздөштүрүлүп, алар көбүнчө жез м-н колодон жасалган. Согуш куралдарын колодон куюу аларды жасап чыгаруунун тездетүүгө ж-а аның конструкциясын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берди. 18-к-дын башында Петр I А. б-ча бардык жетишкендиктерди пайдалануу м-н орус А-сын жаңыча түзүп чыккан. *Орусжапон согушунан (1904—05)* кийин Европанын бардык өлкөлөрүндө оор А., аның ичинен гаубица системасындагы А. түзүлө баштады. 1909—10-ж. Россияда 122 *мм*, 152 *мм* калибрдеги гаубица ж-а 107 *мм* оор замбиректин бир канча түрү жасалган. Ушул согуштук куралдар, о. эле талаалык ж-а тоолук 76 *мм* замбирек м-н Россия 1-дүйн. согушка катышты. Улуу Ата Мек. согуштун (1941—45) алдында негизинен жаңы үлгүдөгү 67 миң замбирек ж-а миномёт (50 *мм* миномёторду кошпогондо) болгон. Сов. Армия жаңы 45 ж-а 76 *мм* замбиректер, 122 ж-а 152 *мм* гаубица-замбиректери, 203 ж-а 305 *мм* гаубицалар, 280 *мм* мортирлер, 82—120 *мм* миномёттор, 37, 76, 85 *мм* зенит замбиректери м-н куралданды. Танкалар, самолёттор ж-а кемелер да жаңы курал-жарактар м-н жабдылды. Жог. сапаттагы артилл. куралдарын түзүүдө В. Г. Грабин, И. И. Иванов, Ф. Ф. Петров, Б. И. Шавырындер жетекчилик кылышкан конструкторлук бюролор баалуу салым кошту. Улуу Ата Мек. согуштун жүрүшүндө советтик А. өтө тез өнүктү. Бул жылдарда 45, 57, 100 *мм* замбиректер, 152 *мм* гаубицалар, 160 *мм* миномёттор ж-а мурдагылардан бир кыйла кубаттуу миналуу реактивдүү установкалар чыгарылган. Улуу Ата Мек. согушта 1800 дөн ашык артиллеристке Сов. Союз. Баатыры деген наам берилип, 1200 миңи ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган. Согуштан кийинки жылдарда ядролук заряддар м-н дүрмөтөлгөн снаряддар пайда болду. А-ны

атууга даярдоо, аны башкаруу процесстери автоматташтырылды ж-а механикалаштырылды. Матем., физ., химия, кибернетика, электроника илимдеринин жетишкендиктеринин негизинде А. илими дагы абдан өнүктү.

Ад.: История отечественной артиллерии, т. 1, кн. 1—3, т. 2, кн. 4, т. 3, кн. 7—8, М.—Л., 1959—66; Артиллерия и ракеты, М., 1968.

АРТИЛЛЕРИЯЛЫК ДАЯРДЫК (атака алдында) — аскерлер чабуулга чыгардын алдында душмандын курал-жарак жайгашкан жайларын, кишки күчтөрүн, коргонуу курулуштарын ж. б. объектилерин жок кылуу (кыйратуу, талкалоо) үчүн колдонулуучу артилл. аракеттер. «А. д.» деген термин 19-к-дын аягына чейин колдонулган эмес. Анда артилл. аракеттер бомбалоо ж-а атуу деп аталчу. 1-дүйн. согуш мезгилинде А. д. бир нече сааттан бир канча суткага, 2-дүйн. согушта ондогон мүнөттөн бир нече саатка чейин созулган. 1942-жылдан баштап Сов. Армия тарабынан А. д. *артиллериялык чабуулдун* бир учуру катары жүзөго ашырылган.

АРТИЛЛЕРИЯЛЫК ЧАБУУЛ — чабуул учурундагы артиллериянын күжүрмөн аракеттеринин жыйындысы. А. ч. деген түшүнүк Сов. Армияда Улуу Ата Мек. согуш убагында пайда болду. А. ч. согушта артиллериянын, жөө аскерлердин, танкалардын биримдикте аракеттенүүсү м-н душмандын коргонуусуна терендете үзгүлтүксүз, бир мезгилде сокку уруп жок кылуу максатын көздөйт. А. ч. 3 мезгилге бөлүнөт: атаканы даярдоо, атаканы колдоо ж-а душмандын коргонуусуна терецден кирген жөө аскер м-н танкалардын аракетин колдоону камсыз кылуу.

АРТИСТ, к. *Актёр.*

АРТМАНЕ Вия (өз аты — Алида Фрицевна; 21. 8. 1929-ж. т.) — латыш совет актрисасы, СССР эл артисткасы (1969). 1949-ж. Райнис атн. көркөм театрдын алдындагы студияны бүткөн (Рига, 1949). Аткарган ролдору: Офелия, Жульетта (Шекспир, «Гамлет», «Ромео менен Жульетта»), Лаймдота (Райнис, «От менен түн») ж. б. Кинодо: Соня («Өз каны», 1964), Аял («Эч ким өлүүнү каалаган эмес», 1966), Кристина («Эдгар менен Кристина», 1967) ж. б. Ал түзгөн алардын образдарына назиктик, боорукерлик, асылзаадалык мүнөздүү. А. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

АРТОБОЛЕВСКИЙ Иван Иванович [26. 9 (9. 10). 1905-ж. Москвада т.] — машиналар ж-а механизмдер теориясы б-ча сов. окумуштуу, СССР ИАның акад. (1946-ж.). Соц. Эмг. Баатыры (1969). 1926-ж. Москвадагы К. А. Тимирязев атн. а. ч. академиясын бүтүргөн. 1927-жылдан Москванын жог. окуу жайларында сабак берет; 1932—49-ж. МГУнун, 1942-жылдан Москва авиац. ин-тунун проф. 1937-жылдан Машина таануу ин-тунда иштейт. Таталл көп звенолуу механизмдердин кинематикалык талдоо методун түзгөн (1939). Машиналардын динамикасын изилдөөнүн теориялык ж-а эксперименттик методдорун үйрөнүү проблемасы б-ча изилдөө иштерин жүргүзөт. 1947-жылдан Бүткүл союздук «Билим» коомунун пред-лине оруп басар, 1966-жылдан пред-ли. СССР Жог. Советинин 7-шайл. депутаты. 3 Ленин ордени, башка 2 орден, медалдар ж-а эл аралык сыйлыктар м-н сыйланган.

АРТРОДЕЗ (гр. árthron — муун, désis — бириктирүү) — колу-буттун кээ бир оорулардан ж-а майып болуудан кийин таканчыктоо жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү максатында муундарды кыймылга келтирбөөчү операция. Таканчыктоо жөндөмдүүлүгүн жоготуу муундун ичинен сынган сыныктын туура эмес бүтүшүнөн, туберкулёздон, муундардын сезгенүү ж. б. ооруларынан пайда болушу ыктымал. А. мындайча жүргүзүлөт: муундагы сөөктөрдүн кемирчек беттери алынгандан кийин, сөөктөрдүн учтары бири бирине тыгыз тийиштирилип бекитилет, толук бүткончо, гипсте кыймылсыз абалда кармалат. Кысуучу аппараттардын жардамы м-н сөөктөрдүн бүтүшүн ылдамдатууга болот.

АРТРОЗ (гр. árthron — муун) — муундардын өнөкөт оорусу, зат алмашуунун бузулушунан келип чыгат. А. ар кандай ууланнуудан жугуштуу оорулардан (келте, котон жара ж. б.) кийин муундардын көкустан ж-а күч-

1. 1577-ж. куюп жасалган Инрог замбиреги. 2. 1709-ж. Тула чеберлери тарабынан жасалган 3 фунттук замбирек; 3. В. С. Барановский замбиреги; 4. 1910-ж. согуш гаубицасы; 5. 1942-ж. 76 *мм* замбирек; 6. 1931-ж. жасалган 203 *мм* гаубица; 7. 152 *мм* гаубица — замбирек; 8. Советтик Армиянын оперативдик-тактикалык ракетасынын жалпы көрүнүшү.



чүркөнүп калышынан (жүк көтөрүүчүлөрдө, балеттик артисттерде) пайда болот. Сөөктү азыктандыруучу кан тамырларынын бузулушунан муунга өлүү ткандар чогулат. Кемирчектин ткандары жумшарып, муундардын сөөктөрүнүн ички беттери калыңдап, учтары кемирилип, бири бирине жабышып, сенек болуп калышы мүмкүн. А. көбүнчө жамбаш, тизе муундарында учурайт. А-го чалдыккан адамдын кезек-кезеги м-н муундары ооруйт. Күчүркөнсө же, тескерисинче, ал узакка кыймылсыз абалда болсо да муун ооруйт. Дарылоо амбулаториялык, санатория-курорттук (Цхалтубо, Евпатория, Жалал-Абад) шарттарда жүргүзүлөт. Эң оор учурларда хирургиялык операция (*артродез, артропластика* ж. б.) жасалат.

АРТРОПЛАСТИКА (гр. árthron — муун, plastikē—жабыштыруу)—муундун ишин калыбына келтирүү үчүн жасалуучу операция. Туура эмес бүткөн муундун ичинен сынган сыныкта, өнөкөт оорулардан сенек болгондо жасалат. Операцияда сөөктөрдүн муунга кошулган бөлүктөрү ажыратылып, муун жак беттери жылмакайлангандан кийин, алардын ортосуна оорулуу адамдын өзүнөн алынган тери же чарым жабыштырылып тигилет. Натыйжада эки сөөктүн кошулган жерине муундун жаңы формасы пайда болот. А-га кемирчек ж-а тукум кабыгынан (амниондон) жасалган калпакчалар да колдонулат. Ушул эле максатта капилеттен өлгөн адамдардын денесинен алынып, атайын консервацияланган муун же сөөктөрдүн муун жак баштары пайдаланылат. Кийинки мезгилде металлдан, пластмассадан иштетилген муундун башы же толук протез муундары, оорулуу муундарды толук бойдон же жарым-жартылай алмаштыруу үчүн колдонулат. Операциялардан кийин муундун кыймылын калыбына келтирүү үчүн массаж, дарылоо гимнастикасы, физ. факторлор ж. б. жолдорун узакка колдонуу зарыл.

«АРТХАШАСТРА» (санскр. сөзмө-сөз — жашоо-тиричилик, пайдалуулук ж-дөгү илим) — байыркы индиялык трактат, мамлекетти башкаруу маселелери б-ча нускоолордун жыйнагы. «А.» — Байыркы Индиядагы коомдук мамилелер, экономика, саясий ин-ттар ж-дөгү маалыматтардын эң маанилүү булагы. Автору Каутилье (б. з. ч. 4-к.) деп эсептешет, бирок ага «А-нын» негизи гана тиешелүү, себеби б. з. 2—3-к-на чейин «А-га» кошумча киргизилип, толукталганы белгилүү.

АРТЮХИН Юрий Петрович (1930-ж. т., Москва обл., Клин р-ну, Першутино с.) — СССРдин учкуч-космонавты, полковник-инженер, Сов. Союз. Баатыры (1974). 1957-жылдан КПССтин мүчөсү. Орто мектепти бүткөн соң (1948), Серпуховдогу аскер авиац.-тех. окуу жайына кирген. Аны ийгиликтүү бүтүрүп чыгып, Сов. Армиянын авиац.


Ю. П. Артюхин.

бөлүктөрүндө кызмат кылган. 1958-ж. Н. Е. Жуковский атн. Аскер-аба инженердик академияны бүтүргөндөн кийин ошол академиянын ил. из. лабораторияларынын биринде иштеген. 1963-ж-дан космонавттар отрядында. 1974-ж. 3-июлда «Союз-14» космос кемесинде П. Р. *Попович* м-н бирге борт-инженер болуп космоско учкан. 5-июлда «Союз-14» трансп. кемеси 1974-жылдын 25-июнунан бери космосто учуп жүргөн «Салют-3» орбиталык ил. станциясына бириктишкен. Трансп. кемени орбиталык станцияга жакындатуу ж-а маневрлөө автоматтык түзүлүштөр аркылуу жүргүзүлүп, 100 *м* аралыктан тартып ашташтырууну экипаж өзү башкарган. Андан кийин экипаж трансп. кемеден «Салют-3» станциясына өткөн. Алар 15 сутка бою ил. станциянын ичинде болушуп, «Союз-14» ж-а «Салют-3» ашташып учуп жүргөндө, ар түрдүү илимий-тех. ж-а мед.-биол. эксперименттер жүргүзүшкөн. 19-июлда «Салют-3» станциясынан кайра ажырап бөлүнүп, «Союз-14» кемеси м-н Жерге келип конгон.

АРУЗ — созулма ж-а кыска муундардын кайталанышына негизделген квантитативдик ыр түзүлүшү. Ал алгачкы ирет араб поэзиясында колдонулуп, кийин Ж. ж-а О. Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүнө тараган. А. системасын 1-жолу 8-к-дын окумуштуу филологу Халил ибн Ахмед системага салган. 11-к-да түрк тилинде 1-жолу Баласагундук Юсуфтун атактуу «Кудатгу Билик» поэмасы А. өлчөмүндө жазылган. А-дун 19 түрү бар. Ал рев-яга чейин түрк элдеринин ичинен өзбек, уйгур, азербайжан, түркмөн, татарлардын классикалык жазма поэзиясында кеңири колдонулган.

АРУТЮНЯН Нагуш Хачатурович (10. 11. 1912-ж. т.) — сов. мамлекеттик ишмер, Армян ССР ИАнын акад. (1950). 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. Москвадагы В. В. Куйбышев атн. Аскердик-инж. академияны бүткөн (1936). Тех. илимд. доктору. 1941—45-ж. Сов. Армияда. 1945—61-ж. Армян ССР ИАда тех. илимдер бөлүмүнүн акад.-секретары, вице-президенти. 1961—63-ж. Ереван мамл. ун-тине ректор. 1963-жылдын апрелинен Армян ССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-ли, СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-линин орун басары. КПССтин 23-съездинде (1966) Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөсү болуп шайланган. Армения КП БКнын бюро мүчөсү. СССР Жог. Советинин 6—9-шайл. депутаты. 3 Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АРФА — байыртадан белгилүү муз. чертме аспап. Азыркы А-нын жаңырыктуу рамага туурасынан тартылган (до-бемоль мажордо диатоникалуу күүлөнгөн) 46 кылы бар. Добуштарды ырааттуу чыгарыш ж-а башка тоналдуулукка өтүш үчүн кылдарды кыскартып, алардын добуштарын жарым же толук тонго жогорулатуучу эки түрдүү кыймылдагы педалдык меха-



низм колдонулат. (Муну 19-к-да француз муз. устасы С. Эрар жасаган.) А. оркестрлик, ансамблдик ж-а соло аспап катарында пайдаланылат.

АРХАИЗМ (гр. archáios — эскирген) — күндөлүк тажрыйбада колдонуудан чыгып калгандыктан, адабий тилде сейрек учуроочу сөздөр: *төңкөрүш* (революция), *от араба* (поезд), *кеңеш* (совет) ж. б.

АРХАИКА (гр. archaikós — байыркы) — кандайдыр бир коомдук көрүнүштүн алгачкы өнүгүш доору. Демейде бул термин байыркы египеттиктер м-н гректердин сүрөт өнөрүнө, архит. формаларына карата айтылат. Байыркы кулчулук коомунан мыкты архит. эстеликтер калган. Мис., Хеопсанын, Хефрен ж-а Милесанын зор пирамидалары, Ауксор м-н Карнактын ж-а Афиныдагы Парфенон, Эрехтейон храмдары ж. б.

АРХАЛЛАКСИС (гр. archē — башталыш ж-а állaxis — өзгөрүү) — эволюциянын бир ыгы; мындай эволюцияда органдардын адепки түзүлүшүнүн өзгөрүшү эмбриогенездин алгачкы стадиясында башталып, андан аркы өөрчүшүн алмаштырат. А-те органдардын түзүлүшүндө, келип чыгуусунда, түпкү тегинде жок өзгөрүүлөр пайда болот. А.— жашоо чөйрөсүнүн тез өзгөрүшүнө жараша ыңгайлуу каражат. В. Гарстэнг (1922) онтогенездин адепки стадиясында өзгөрүү жолу м-н пайда болгон эволюцияны неогенез деп атаган. Б. Ренш (1954) А-ти органдардын А. ж-а жалпы А. деп бөлгөн. А-тик өзгөрүүлөрдүн натыйжасында ата-тегинде жок орган пайда болот да, ал организмде түбөлүккө сакталып, анын жалпы түзүлүшүнө өзгөрүштөр киргизет. А. жолу м-н өзгөрүү жөнөкөй органдарда гана эмес, бардык органдардын эвол. жолдорунда да болот.

АРХАНГЕЛЬСК — РСФСРдин Архангельск обл-нын борбору (1937-жылдан


Архангельск порту.

бери). Түн. Двинанын өйүз-бүйүзүнөн ж-а чатындагы аралдардан орун алган. Иван IVнүн буйругу б-ча 1584-ж. негизделген. Ири дециз ж-а дарыя порту, т. ж. тоому. Калкы 343 миң (1970). Шаар 4 районго бөлүнөт. А.— СССРде токой ө. ж-нын ж-а жыгач экспорттоонун ири борбору. Кагаз-целлюлоза, тактай тилүү, жыгач иштетүү комбинаттары бар. Тактай продукциясынын $^2/_3$ бөлүгү экспорттолот. Кеме куруу ж-а аны оңдоо ө. ж. өнүккөн. Токой техникум, мед. ж-а пед. ин-ттар, 16 атайын орто окуу жайы, музейлер, куурчак ж-а драма театрлары бар.

АРХАНГЕЛЬСК ОБЛАСТЫ РСФСРдин Түн. Европа бөлүгүндө, 1937-ж. 23-сентябрда түзүлгөн. Областтын составына Ненец улут округу ж-а Колгуев, Вайгач, Жаңы Жер, Франц-Иосиф Жери ж. б. а-дар кирет. Жеринин аянты 87,4 миң *км²*. Калкы 1002 миң (1970). Админ. жагынан 19 районго бөлүнөт, 11 шаар, 37 ш. т. посёлок бар. Борбору — Архангельск.

А. о. Түн. Двина, Мезень, Онега, Печора д-ларынын алабында жатат. Областтын борб. бөлүгү түзөң келип, дарыяларынын жээги саздак. Анын чыгышында Тиман кряжы ж-а Печора ойдуңу жатат. Климаты катаал, кышы суук, жазы салкын. Январдын орт. темп-расы —12,5°, —20°С, июлда 8°С—17°С. Жаан-чачын 350—550 *мм*. Түндүгүн көп жылдык тоң каптап жатат. А. о-нын жеринин кыртышы негизинен бозомук ж-а саз топурактуу. Аянтынын 45% (18,5 млн. *га*)— ийне жалбырактуу токой. Бугу, ак түлкү, аюу, сүлөөсүн, күрөң аюу, карышкыр ж. б. айбандар кездешет. Дарыялары м-н дециздеринде тюлень, балык көп.

Эл эң сейрек отурукташкан р-ндордун бири: 1 *км²* жерге 2,4 киши (1969). Түн. Двина д-нын боюнда калк жыш жайгашкан. Шаар калкы 66% түзөт. Ири ш-лары: Архангельск, Северодвинск, Котлас, Онега ж. б.

А. о.— СССРдеги ири токойлуу р-ндордун бири. Областтын кирешесинин теңинен көбүн токой чарбачылыгы берет. 1965-ж. А. о-нын үлүшүнө СССРдин жыгач экспортунун $^1/_3$ бөлүгү туура келген. Тактай тилүүнүн ири борбору — Архангельск, Котлас, Нарьян-Мар. Целлюлоза-кагаз, мебель чыгаруу ишканалары көрүнүктүү орунду ээлейт. Областта кеме куруу, кеме оңдоочу, токой ө. ж-на керектүү машиналарды куруу, балык ө. ж. ж-а дециз жаныбарларына аңчылык кылуу өнүккөн, о. эле эт-сүт комбинаттары, булгаары, аң терилерин иштеп чыгаруу з-ддору, трикотаж кийим тигүү ф-калары ж. б. ишканалары бар. Климаты суук болгондуктан, а. ч-сы начар өнүккөн, негизги тармагы — сүт берүүчү уй чарбачылыгы. Түндүгүндө бугу өстүрүлөт. Түн. Двина д-нын боюнда мал багылат; картошка, жашылча, түштүгүндө зыгыр айдалат. Областтын аянтынын 1,8% а. ч-на жарактуу, 0,5%— айдоо жер. Дециз ж-а дарыя транспорту жакшы өнүккөн.

АРХАНГЕЛЬСКИЙ Андрей Дмитриевич [11 (8. 12). 1879, Рязань — 16. 6. 1940, Москва] — сов. геолог, СССР ИАнын акад. (1929; мүчө-корр. 1925), Москва ун-тинин физ.-матем. ф-тетинин табият бөлүмүн бүтүп (1904), ошол бөлүмдүн геол. кафедрасында, Геол. комитетте (1912) иштейт. 1918-жылдан Москва ун-тинин, 1930-жылдан Москва геол.-чалгындоо ин-тунун проф., Мамл. нефть ил. из. ин-тунун геол. бөлүмүнө башчы ж-а директоруна орун басар (1925—30), СССР ИАнын Геол. ин-туна директор (1934—39). СССРдин европ. бөлүгүн изилдөө б-ча комплекстүү экспедицияны уюштурган. Эмгектери *стратиграфия, литология, тектоника, палеогеография* ж-а кен байлыктар ж-дөгү илимдин ар түрдүү проблемаларына арналган. А. салыштырма-литология методунун негизин иштеп чыккан ж-а палеогеогр. реконструкциянын жолдорун сунуш кылган. А. *Орус платформасындагы* тектон. кыймылдарды изилдөөнүн негизинде, жалпы жер кыртышына тиешелүү кээ бир тектон. закон ченемдерин ачкан. Геосинклиналдарга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү көрсөткөн. *Геосинклиналь* м-н *платформанын* бөлүнүшү кембрийге чейинки мезгилдин аягында эле жүргөндүгүн айкындаган. А. оордук күчүнүн аномалиялары, магнитометриялык көрсөткүчтөр ж-а геол. түзүлүш ортосундагы байланышты аныктаган, геофиз. маалыматтарды интерпретациялоо методикасын иштеп чыккан. Кара дециз жээгиндеги нефтилүү провинцияны изилдегендиги үчүн В. И. Ленин атн. сыйлык ыйгарылган (1928).

Ад.: Шатский Н. С., Андрей Дмитриевич Архангельский (1879—1940), М., 1944.

АРХАНГЕЛЬСКИЙ (1902-ж-га чейин— Жоон-Күнгөй)— Ош обл-нын Сузак р-нундагы Архангельский сельсоветине караштуу кыштак. «Көк-Арт» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Сузактан 104 *км* түн.-чыг. тарапта, Көк-Арт суусунун оң жээгинде. Калкы 1025 (1974). Орто ж-а башталгыч мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АРХЕГОНИЙ (гр. archē — башталыш ж-а gonē — туулуш) — мохтордун, папоротник сыяктуулардын ж-а жылаңач уруктуулардын энелик органы. Аталган өсүмдүктөрдүн топторун жалпысынан *архегонийлүү өсүмдүктөр* деп аташат. А-дин формасы колба сыяктуу. Анын жоон бөлүгүндө бир



Архегоний: 1 — мохтуку; 2 — папоротниктики; 3 — кызыл карагайдын эки архегонийи.

энелик клеткасы болот. Ичке бөлүгү — мойну. Сперматозоиддер А-дин мойну аркылуу жоон бөлүгүнө өтүп, энелик клетканы уруктандырат.

АРХЕГОНИЙЛҮҮ ӨСҮМДҮКТӨР (Archegoniatae)—ургаачы жыныс органы архегоний болгон татаал түзүлүштүү өсүмдүктөр. А. ө-гө жылаңач уруктуулар, мох ж-а папоротник сыяктуулар кирет. Жабык уруктуу өсүмдүктөрдүн ургаачы жыныс органы — архегоний эмес, энелик, ошондуктан алар энеликтүү өсүмдүктөр деп аталат.

АРХЕЙ «ТОБУ» («ЗАМАНЫ») — *кембрийге чейинки мезгилде* пайда болуп, өтө метаморфизмделген эң байыркы тоо тек катмарлары. А. «т.» гнейстер, кристаллдуу ж-а графиттүү сланецтер, кварциттерден турат. Терминди 1872-ж. амер. геолог Дж. Дана киргизген. Мурда А. «т-на» кристаллдуу тоо тектердин байыркы катмарларынын бардыгы киргизилсе, азыр ага метаморфизмделиш даражасына карабастан, 2500 млн. жылдан мурда пайда болгон тоо тектер бүт кирет. Кырг-нда Ак-Түз өрөөнүндө, Сары-Жаз кырка тоосунда ж. б. жерлерде бар, бирок алар толук аныктала элек. А. «т-дагы» тоо тектердин арасынан кобальт, никель, хром кендери кездешет.

АРХЕО... (гр. archáios—байыркы)— татаал сөздөрдүн «байыркы», «байыркы перселерге тиешелүү болгон» деген маанини туюндуруучу биринчи болугу (мис., *археография, археология*).

АРХЕОГРАФИЯ (гр. archáios — байыркы, grápho — жазамын) — тарых илимиинин тарыхый жазма даректерди басып чыгаруу теориясын ж-а техникасын иштеп чыгуучу атайын тармагы. А. филология, булактарды таануу, палеография, архив жүргүзүү ж. б. м-н тыгыз байланыштуу. Бат. Европада А. тарых илимиинин өзүнчө тармагы катарында болуибойт, «А.» термини да колдонулбайт; ал көп жагынан палеография м-н бирдиги кетет. А. Россияда 18-к-дын 1-жарымында пайда болгон. Рев-ягa чейинки орус А-сынын тарыхый документтерди басып чыгаруу тажрыйбасы «Экономия коллегиясынын грамоталар жыйнагын басып чыгаруу эрежелеринде» бир кыйла жалпыланган, ошондогу археографтар илимде пайдалануу үчүн булактарды киргизишкен. Бирок алар идеол. чектелгендигине байланыштуу эмгекчилердин тап күрөшү, Россиянын экон. өнүгүшү, рев-чыл кыймыл, орустан башка элдердин өткөндөгү тарыхы ж-дөгү материалдарды абдан аз жарыялашкан. Сов. А. маркстик-лениндик методологияны жетекчиликке алып, эмгекчи массанын, өлкөнүн экон. өнүгүшүнүн тарыхы, бөштөндүккө чыгуу ж-а рев-чыл кыймылдын тарыхы б-ча булактарды, СССР элдеринин тарыхы б-ча документтерди, жаңы ж-а соңку тарых б-ча эмгектерди жарыялоого чоң көңүл буруп жатат. Марксизм-ленинизм классиктеринин чыг-ларын, КПССтин ж-а соц. курулуштун тарыхы б-ча материалдарды басып чыгаруу сов. А-нын негизги иши болуп калды. СССРде А. ишин *КПСС БКнын алдындагы Марксизм-ленинизм институту*, СССР илимдер академиясынын Тарых ин-ту, СССР Мин. Советинин алдындагы Башкы архив башкармасы жүргүзөт. Архивдер, музейлер ж. б. ил. мекемелер, СССР тышкы иштер мин-восу да көп сандаган документтерди жарыялап турат. Археограф адистер Тарыхый архивдер ин-тунда (Москва) даярдалат. «Тарыхый документтерди басып чыгаруунун эрежелери» (1955), «Советтик мезгилдеги документтерди басып чыгаруунун эрежелери» (1960) түзүлгөн. «Империализм доорундагы эл аралык мамилелер», «Улуу Октябрь социалисттик революциясы», «Документтер жана материалдар», «Совет бийлигинин декреттери» ж. у. с. жарыяланды. Кырг-нда да А. өнүктү. Азыр муну КПСС БКнын алдындагы Марксизм-ленинизм ин-тунун Кырг-н филиалы, Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-ту ж. б. жүргүзөт. Чет жерлердеги соц. өлкөлөрдө А-лык иштин жалпы багыты ж-а уюштурулушу маркстик тарых илимиинин милдеттери м-н байланыштырылат. Алардын А-да эл массаларынын, жумушчу, демокр. ж-а улуттук-бошт. күймылынын тарыхый материалдарын ж. б. жарылоого көп көңүл бурат.

Ад.: Валк С. Н., Советская археография, М.—Л., 1948; Софинов П. Г., Из истории русской дореволюционной археографии, М., 1957; История советской археографии, в. 1—6, М., 1966—67.

АРХЕОЛОГИЯ *(архео... ...логия)*— адам баласынын байыркы тарыхын зат түрүндөгү булактар б-ча таанын изилдөөчү илим. Аларга алгачкы адамдардын турак жайлары, шаарлардын урандылары, эмгек куралдары, курал-жарактары, мүрзөлөрү, аскалардагы ж-а таштардагы жазуулары м-н сүрөт-чиймелери ж. б. кирет. Зат түрүндөгү даректер тарыхый окуяларды даана баяндап бербегендиктен, аларды изилдөө методдору жазма эстеликтерди анализдөөдөн олуттуу айырмаланат. Эстеликтердин казып алгандан кийин, зат түрүндөгү ж-а жазма булактардын негизинде тарыхый окуяларды ил. реконструкциялоо жүргүзүлөт. Бул иш материалдык мад-т м-н социалдык-саясий турмуштун ортосунда закон ченемдүү байланыш бар экенин көрсөткөн маркстик жобого негизделет. 19-к-дын башында А. өзүнчө илим катары калыптанат. Турак-жайларды казууда адам тиричилигинин эстеликтеринин ар кандай тарыхый мезгилдерде пайда болгон катмарлануулары катталат. Табылгаларды анализдөөдө **салыштырма ж-а типологиялык** методдор колдонулат. Салыштырма метод б-ча табылган материалдар тарыхта ж-а этнографияда белгилүү маалыматтар м-н ж-а мурда изилденген эстеликтердин материалдары м-н салыштырылат.

Эзелки заттарды, көбүнчө иск-во ж-а эстеликтерди жыйноо иши байыркы убакта эле башталып, *Кайра жаралуу* доорунда күчөйт. 18-к-дын аягында Везувий жанар тоосунун күлдөрү басып калган Помпей ш-ын, андан кийин Геркуланумду казуу атайылап ил. максатта жүргүзүлгөн. Булар А-нын өнүгүшүндө чоң роль ойноду. 19-к-дын 1-жарымында А-лык казуулар көп өлкөлөрдө кеңири тарала баштайт. Бул француз рев-ясынын бөштөндүккө чыгаруу идеяларынан ж-а Европадагы өлкөлөрдө улуттук аң-сезимдин өсүшүнө жараша алардын өткөндөгү тарыхына көбүрөөк кызыгуусуна байланыштуу болгон. А-лык материалдардын ил. классификациясынын түзүлүшүнө таш, коло ж-а темир доорлору ж-дөгү үч доор теориясы зор таасир тийгизди. Аны алгачкы жолу б. з. ч. 1-к-да эле римдик акын ж-а ойчул Лукреций Кар айткан ж-а анын тууралыгын 1836-ж. археол. материалдын негизинде данийлык археолог К. Ю. Томсон далилдеген. Жаратылыштагы эвол. өнүгүү ж-дөгү *Дарвиндин* теориясы да А-лык маалыматтарга тарыхый түшүндүрмө берүүгө зор роль ойногон. 1869—83-ж. француз археологу Г. Мортилье эвол. теориянын негизинде таш *доорундагы* байыркы заттардын классификациясын иштеп чыгып, таштан курал жасоонун техникасынын өсүш этаптарынын претин ж-а адам зат мад-тынын өнүгүү баскычтарын далилдеди. А-лык эстеликтерди аныктоонун типологиялык методун иштеп чыгуу швед окумуштуусу О. Монтелиуска тиешелүү. Бирок коомдун өнүгүү шарттарынын объективдүү таасирин ал эске албай, перселер өз формаларынын өзгөрүшүнүн ички закондору м-н өнүгөт,— деп жаңылыш ойлогон. А-лык казуулардын ил. методдору 19-к-дын 2-жарымында негизинен түзүлө баштап, А. ичинде адистештирүү иши терендейт. Казуу иштери комплекстүү түрдө жүргүзүлүп, ар түрдүү кесиптеги адистер катышат. Египетте, Эгей денизиндеги аралдарда, Грецияда, Турцияда, Иранда ж. б-да А-лык зор табылгалар табылат. 20-к-да А. иштери кеңири кулач жайып, Европа, Азия ж-а Түн. Африкага таралат.

Россияда өлкөнүн түштүгүндөгү байыркы шаарларды ж-а көрүстөндөрдү казуу иши 19-к-дын аягынан тартып үзгүлтүксүз жүргүзүлө баштады. А. иштеринин методикасы жакшыртылды, аэрофотосъемка киргизилди, археол. эстеликтердин келип чыгышын аныктап үчүн табигый илимдерден алынган методдор колдонула турган болду. А-да статистикалык метод да пайдаланылат. Археол. картографиялоо, б. а. өлкөдөгү бардык А-лык эстеликтерди карталарга түшүрүү өте маанилүү метод болуп эсептелет, анткени ошол карталар б-ча тарыхый жалпылаштыруулар чыгарылат.

СССРде А-лык изилдөөлөр Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып өнүгө баштады. 1919-ж. Материалдык мад-т академиясы (азыркы СССР ИАнын Археол. ин-ту) түзүлүп, бүткүл өлкөдө археол. иштерди координациялоочу мекемеге айланды. А-лык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө союздук респ-калардын ИАларындагы Археол. ин-ттар ж-а бөлүмдөр белгилүү роль ойнойт. Бул ишке музейлер ж-а алардын археол. бөлүмдөрү да активдүү катышышат. Өлкөбүздөгү А-лык казуулар СССР ИАнын же союздук респ-калардын ИАларынын атайын уруксаты б-ча гана жүргүзүлөт. СССРдеги А-лык эстеликтердин бардыгы мамл. камкордукка алынган. Аларды сактоодо тарых ж-а мад-т эстеликтерин кайтаруу б-ча ыктыярдуу коомдор зор иштерди жүргүзүүдө.

Алгачкы коомдун, байыркы доордун ж-а о. кылымдын чарбасы, коомдук түзүлүшү, идеологиясы ж-а мад-ты ж-дөгү сов. археологдор тарабынан көп сандаган баалуу эмгектер жазылды. Асыресе, мурдагы падышалык Россиянын чет жакаларында, мис., О. Азиянын аймагында болгон байыркы цивилизацияны изилдөөдө маанилүү жумуштар иштелди. Якубовский-

дин, С. П. Толстовдун, М. Е. Массондун, А. Н. Бернштамдын, М. М. Дьяконовдун, А. Т. Беленицкийдин, В. А. Шишкиндин жетекчилиги астында иштеген ири экспедициялар О. Азиядагы элдердин байыркы тарыхын кылымына келтирүүгө мүмкүндүк берип, илимди жаңы көп материалдар м-н байытты. Совет бийлигинин жылдарында Кырг-нда кечмон ж-а отурукташкан калктын тарыхына тиешелүү бир нече миңдеген эстеликтер ачылды. Респ-канын аймагында эң байыркы убактардан тартып үңкүрлөрдү мекендеген адам баласынын жашагандыгы далилденип, таш куралдарынын түрлөрү, дыйканчылык мад-тынын калдыктары табылды. О. кылымдагы шаарлар м-н кыштактардын урандыларынан калктардын кол өнөрчүлүгү, а. ч-сы, тиричилиги, мад-ты, идеол. түшүнүктөрү, иск-восу ж-дө кеңири материалдар алынды. Булардын баары башка материалдар м-н бирге кыргыз элинин калыптануу жолун аныктоодо чоң роль ойнот жатат.

Ад.: Авдусин Д. А., Археология СССР, М., 1967; Бернштам А. Н., Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая, М.—Л., 1952; ошонуку, Архитектурные памятники Киргизии, М.—Л., 1950; Виницкий Д. Ф., 50 лет советской археологии в Киргизии, «Советская археология», 1967, № 4; Ленинские идеи в изучении истории первобытного общества, рабовладения и феодализма. Сб. статей, М., 1970; Монгайт А. Л., Археология западной Европы, М., 1973; Массон М. Е., Средняя Азия и древний Восток, М.—Л., 1964; Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции, т. 1—5, М., 1963—68; Кожемяко П. Н., Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины, Фр., 1959; Задненровский Ю. А., Археологические памятники южных районов Ошской области, Фр., 1960.

АРХЕОЛОГИЯЛЫК КАЗУУЛАР — археол. эстеликтердин, байыркы адамдар турган жайлардын, мүрзөлөрдүн калдыктарына тарыхый изилдөө максатында жүргүзүлгөн казуу иштери. СССРде А. к-ды атайын археол. мекемелер (ил. из. ин-ттары, ун-ттердин археол. кафедралары, музейлер ж. б.) жүргүзөт. Бул археологиялык казуулар СССР ИА ж-а союздук респ-калардын ИАлары берүүчү «Открытый лист» деген документтин негизинде ишке ашат. Шаарлардын же кыштактардын урандыларындагы кезиге турган буюмдарды толук алуу үчүн А. к. кеңири аянтта жүргүзүлүп, ар бир чарчы *м* өзүнчө кылдаттык м-н казылат. А. к. иши жазуу, чийме ж-а фотография түрүндө так документтелиниши зарыл. Археол. табылгалар алгачкы общиналык, кул өзөөчүлүк ж-а феод. коом мезгилиндеги элдердин турмушунун тарыхый картинасын реконструкциялоого мүмкүндүк берет.

Ад.: Авдусин Д. А., Археологические разведки и раскопки, М., 1959 (библ.); Блаватский В. Д., Античная полевая археология, М., 1967 (библ.).

АРХЕОЛОГИЯЛЫК КАРТАЛАР — археол. эстеликтердин белгилүү бир аймагын көрсөтө турган карталар. А. к. байыркы замандын ж-а о. кылымдардын археол. мад-тынын ар кандай белгилер м-н геогр. жайгаштырылышы, өз ара таасири ж-а байланышы ж-дө көрсөтөт. А. к. эстеликтердин же археол. мад-ттын айрым түрлөрү б-ча же айрым мезгилдерди, бүтүндөй бир доорлорду кучагына алган хронологиялык карта болуп түзүлүшү мүмкүн. Айрым ушундай карталардын базасында жыйынтыкталган А. к. түзүлөт. Кырг-нда айрым райондор б-ча А. к-ды А. И. *Бернштам*, А. К. Кибиров, П. Н. *Кожемяко*, Ю. А. Заднепровский ж. б. адистер түзүп чыгышкан.

АРХЕОЛОГИЯЛЫК КОМИССИЯ (Петербургдагы) — рев-ягa чейинки орус археологиясынын уюштуруу ж-а ил. борбору. 1859-ж. негизделген. Мунун пред-лдери С. Г. Строганов, А. А. Васильчиков, А. А. Бобринский болгон. 1889-ж. А. к. мамл., шаардык ж-а дыйкандар жерлеринде археол. казууларга уруксат берүү ж-а аларга контролдук кылуу б-ча чоң укукка ээ болгон. А. к. илгерки монументтүү эстеликтерди сактоо ж-а реставрациялоо б-ча жумуштарды да жүргүзгөн. 1859—1913/15-ж. (1862—1918) үчүн жылдык «Отчётторду» ж-а «Известияны» (1901—18) басып чыгарышкан. О. эле ал «Россиянын археология боюнча материалдарын» (37 том, 1866—1918) да басып чыгарган. 1919-ж. А. к. жоюлуп, сов. археологияга жетекчилик кылуучу борбордун функциялары Петроградда жаңыдан уюшулган Материалдык мад-т тарыхынын Россия академиясына өткөрүлгөн.

АРХЕОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТ — бир мезгилге таандык, жерг. өзгөчөлүктөрү бар ж-а айрым бир аймакта топтолгон археол. эстеликтердин жалпылыгын аныктоо үчүн колдонулуучу түшүнүк. Ар. м-тын аты көбүнчө эстеликтер табылган жердин аты, о. эле сөөк коюунун салты, карапага, курал-жарактарга түшүрүлгөн оймо-чиймелердин формасы же белгилердин бүтүндөй комплекси б-ча коюлат. Ар. м-ын изилдөө аларды жазуу булактары аркылуу белгилүү уруулар м-н салыштырууга мүмкүндүк берет. Мад-ттагы окшош көрүнүштөр айрым уруулларда геогр. ж-а социалдык бирдей шарттарда бири бирине байланышсыз эле пайда болуну мүмкүн.



Ак-Чий шаар урандысы. 14—15-к.

Ад.: Левин Н. Г. и Чебоксаров Н. Н., Хозяйственно-культурные типы и историко-этнографические области, «Советская этнография», 1955, № 4; Монгайт А. Л., Археологические культуры и этнические общности, «Народы Азии и Африки», 1967, № 1.

АРХЕОЛОГИЯЛЫК МУЗЕЙЛЕР — археол. табылгаларды чогултуу, сактоо, изилдөө иштерин жүргүзүчү ил. мекемелер. Россияда алгачкы археол. табылгалар Оружейный палатада ж-а Кунсткамерада сакталган. 19-к-дын башында атайын Ар. м. уюштурула баштайт. Музейлерди түзүү ж-дөгү Петр Iнин указында сейрек кездешчү буюмдарды жыйнсо м-н археол. материалдарды топтоого да өзгөчө көңүл бурулган. 1763-ж. А. П. Мельгунов — скифтердин дөбөлөрүндө, П. И. Сумароков Крымдагы байыркы грек ш-ларында археол. казуу жүргүзгөн. 19-к-да бир топ жерг. Ар. м. Николаевде, Феодосияда, Одессада, Керчте, Москвада ж. б. уюштурулган. Окт. рев-ясынан кийин биздин өлкөдөгү иск-во-лук ж-а крайлык музейлерде археол. изилдөө жумуштары бөтөнчө кеңири жүргүзүлө баштады. Кырг-ндын Фрунзедеги мамл. тарых музейинин, Пржевальск ж-а Оштогу крайлык музейлердин алдында археол. бөлүмдөр бар.

АРХЕОПТЕРА (Archaeoptera)—тукум курут болгон байыркы канаттуу курт-кумурскалар. А-ным жарган сымал жупжука канаттары болгон. Алгачкы канаттуу курт-кумурскалардын келип чыгышын изилдөөдө А-ным маанини чоң. А-ным бир өкүлү (Eopterum devonicum) Тиман тоолорунан (СССР) девон мезгилинин акырындагы чөкмө тектердин катмарларынан табылган.

АРХЕОПТЕРИКС (*архео...* ж-а гр. ptérux — канаттуу; Archaeopterux lithographica)— кескелдирик куйруктуулар классчасындагы казылып алынган байыркы канаттуу. Чоңдугу каргадай. Алдыңкы буту канатка айланып, арткы бутунда 4 манжасы болгон, бирөө артка карай ийилген, төш сөөгү кабыргаларына бириккен эмес. Денесинин жалпы формасы, буттарынын түзүлүшү А-ти канаттууларга окшотсо, ал эми тиштери, 20 омурткадан турган узун куйругу, жиликтеринин кемиктүүлүгү, алдыңкы буттарында тырмактуу манжалардын болушу, төш сөөгүнүн кырынын жоктугу сойлоочуларга жакындатат. Сыягы, А. даракта дараакка каалгып учуп, тырмактуу манжаларынын жардамы м-н жерге төлөп жүрөн болуу керек. А-тер эвол. процесстин натыйжасында канаттуулар м-н сойлоочулардан келип чыгышы ыктымал. Баварияндагы Золенгофен литограф сланецинен 1860-ж. юра мезгилиндеги А-тин сөөгү, канатынын тактары табылган. Археорнис м-н А. бир түргө кире тургандыгы таанылды.

АРХЕОЦИАТТАР (Archaeocyathi) — тукум курут болгон омурткасыз жаныбарлар тиби. Кембрий мезгилинде денизлердин түбүндө (100 *м* ге чейин) жашаган. А-дын жер жүзүндө 1000 ден ашык түрү болгон. Алардын де-

несинин орт. уз. 5—10 (кээ бирөөлөрүнүкү 1 *м*), туурасы 1—3 *см* (кээде 50 *см*) келген. СССРде Уралдын, Сибирдин, Ы. Чыгыштын ж-а Кырг-ндын жер катмарларынан табылган. Көпчүлүгү бирден, кээ бирлери чогулуп жашашкан. А-дын калдыктары кембрий мезгилиндеги тектердин геол. жашын аныктоодо зор көмөк көрсөтөт.

АРХЕТИ́П (гр. archē байыркы, typos — тип, түр, форма) — тирүү тилдердеги айрым көрүнүштөрдүн (сөздөрдүн, тыбыштардын, мүчөлөрдүн ж. б.) белгилүү тилдик закондордун чегинде илимий жол менен калыбына келтирилген эң байыркы түрү.

АРХИ... (гр. archi... башкы, башчылык) — 1) чиркөөлүк жог. наамды билдирүүчү татаал сөздүн биринчи составдык бөлүгү (мис., архиепископ, архиерей); 2) татаал сөздүн экинчи бөлүгүнүн маанисине айкашып, бир нерсенин эң жог. даражасын билдирүүчү префикс (мис., архиреакциячыл).

АРХИАННЕЛИДДЕР (Archianneli-da) — муунак курттар тибиндеги омурткасыз жаныбарлар. Бир катар окумуштуулар А-ди түктүү курттар деп эсептеп, ушул класска киргизет. А-дин арасында денесиндеги муунактар көбү да, азы да бар. Көпчүлүгүнүн башында түксүз жуп тинтүүрлөрү болот. Ак ж-а Кара деңиздерде жашайт. Жыныстык жол м-н көбөйөт; личинкасы — трохофора.

АРХИВДЕР (лат. archivum — мекеме) — документ түрүндөгү материалдарды сактай турган өз алдынча мекемелер же мекемелердеги, уюмдардагы ж-а ишканалардагы ушул жумушту аткаруучу бөлүмдөр. Мекемелердин, коомдордун ж-а жеке адамдардын иш-аракеттеринин натыйжасында топтолгон документтердин жыйындысы да А. деп аталат. А-деги жазмалар ил. из. иштери, чарбанын практикалык керектөөлөрү үчүн ж-а мамл. башкаруу иштеринде пайдаланылат. СССРдин азыркы терр-ясында А. катары сакталган материалдар Закавказьеден (б. з. ч. 9—6-к.), Кара деңиздин түн. жээгинен (б. з. ч. 6—5-к.) табылды. О. Азиядагы кул ээлөөчүлүк мамлекеттерде жазуу болгондугун далилдөөчү эстеликтер ачылды. *Ибн Сина* Саманилер мамлекетинин эмиринин китепканасындагы А-дин (9—10-к.) толук баяндамасын калтырган. Борборлошкон Орус мамл. орногон соң 16-к-да Москвада Падыша архиви уюштурулган. Чыныгы маанисиндеги мамл. А. 18-к-дын башынан, Петр I нин доорунан бери, түзүлгөн.

Улуу Окт. соц. рев-ясы жеңген соң, Совет өлкөсүндө А-дин тарыхында жаңы мезгил башталды. 1918-ж. 1-июнда РСФСР ЭКСи «Архив ишин кайра куруу жана борбордоштуруу жөнүндө» В. И. Ленин кол койгон Декрет кабыл алды. Бул Декрет б-ча ведомств. А-дин баары жоюлуп, аларда сакталган документтерден Мамл. бириккен архив фондусу түзүлдү. Өлкөдөгү бүткүл архив ишине СССР Мин. Советинин алдындагы Башкы архив башкармасы (БАБ) жетекчилик кылат. Жалпы союздук мааниси бар архив фондуларын сакташ үчүн СССРде 13 мамл. борб. архив түзүлгөн. Булар БАБга баш иет. Союздук респ-каларда архив ишине респ-калардын мин. советтеринин алдындагы архив башкармалары жетекчилик кылат. АССР-лерде, крайларда ж-а областтарда жерг. архивдер түзүлгөн. СССРде архив фондуларынын айрым бөлүгү парт. органдардын, кээ бир ведомстволордун, ил. мекемелердин ж. б. карамагында да сакталат. Мис., Борб. парт. архив КПСС БКнын алдындагы Марксизм-ленинизм ин-тунда; мамл. А-ден сырткары мекемелерде, уюмдарда ж-а ишканаларда күндөлүк А. жыйналат. 1966-ж. февралдан тартып «Советские архивы» деген журнал чыгарыла баштады.



Архимед.

АРХИМЕ́Д (болжолу, б. з. ч. 287—212, Сиракуз ш.) — байыркы грек илимпозу, математик ж-а механик. Ил. иштерин механик ж-а техник катары баштаган. Беттердин аянттарын ж-а ар кандай нерселердин, фигуралардын көлөмдөрүн табуу методун өркүндөткөн. А.— матем., физика илимдеринин пионери, механиканы илим катары түзүүчүлөрдүн бири. Ага ар түрдүү тех. ойлоп чыгаруулар тийиштүү. Египетке барып александрия окумуштуулары (Конон, Эратосфен) м-н таанышуусу анын жөндөмдүүлүгүнө зор түрткү берген. Ал π санынын маанисин чоң тактыкта ($3\frac{10}{71} < \pi < 3\frac{1}{7}$) эсептеп чыккан; нерсенин оордук борборун тапкан. Рычагдар законун матем. жол м-н чыгарган. Анын акыркы эмгеги сууга матырылган нерселердин тең салмактуулугун изилдөө болгон. **А р х и м е д в и н т и** деп аталуучу суу көтөргүч механизмди ойлоп тапкан.

АРХИМЕ́Д ЗАКОНУ — суюктуктардын ж-а газдардын статика закону. Бул закон б-ча, суюктукка (газга) матырылган ар кандай нерсени ал нерсе



сүрүп чыгарган суюктуктун (газдын) салмагына P барабар болгон көтөрүү күчү жогору карай түртөт. Көтөрүү күчү F нерсенин оордук борборуна аракет кылат. Нерсенин матырылышы тереңдеген сайын, ага каршы аракет эткен басым күчү көбөйөт. Натыйжада нерсенин төмөнкү бетине аракет эткен суюктуктун (газдын) басым күчү жог. бетинникине караганда көп болгондуктан, жогору багытталган көтөрүү күчү аракеттенет (к. сүрөт). А. з. б-ча, көтөрүү күчү матырылган нерсенин салмагынан кичине болсо, анда нерсе **ч ө г ө т**; анын салмагына барабар келсе, суюктуктун ичинде **с ү з ү п ж ү р ө т**; эгер салмагынан чоң болсо, ал суюктуктун бетинде **к а л к ы п к а л а т**. А. з. газдарда ж-а суюктуктарда нерселердин сүзүү теориясынын негизин түзөт.

АРХИМЕ́Д СПИРАЛЫ — өз чекиттеринин биринин тегерегинде айлануучу түз сызык б-ча бир калыпта кыймылдаган чекит сызган ийри сызык. Каралып жаткан түз сызыктын ар кандай *O* чекитин уюл деп алып, берилген түз сызыктын тандалып алынган багытын уюлдук огу катарында карасак, анда А. с-нын теңдемеси уюлдук координаталар системасында $\rho = a\varphi$ түрдө болот: a — турактуу сан, к. *Сызык.*

АРХИМИЦЕТТЕР (Archimycetes) — жөнөкөй түзүлүштүү козу карындардын классы. А-дин мицелийи жок же начар өнүккөн. Көпчүлүгү — *балырлардын, гүлдүү өсүмдүктөрдүн* мителери, кээси — *сапрофиттер.* Бул класс миксохитридиялуу ж-а микохитридиялуу козу карын болуп бөлүнөт. А. зооспоралары м-н көбөйөт, айрымдары цисталуу. А-дин 400 түрү бар, алардын кээси балыктарды, кээ бири а. ч. өсүмдүктөрүн илдетке чалдыктырып, текши кырылууга дуушар кылат. Кырг-нда А. жакшы изилдене элек.

АРХИПЕЛА́Г — бири бирине жакын жайгашкан, жалпысынан бирдиктүү аралдардын тобу. А-га кирген аралдардын пайда болуу шарттары бирдей, геол. түзүлүшү окшош. Ушуга байланыштуу материк (Жаңы-Жер), коралл (Маршалл а-дары), вулкан (Гавайи а.) А-дары болуп бөлүнөт.

АРХИ́ПОВ Василий Сергеевич [9(22). 12. 1906-ж. т., азыркы Челябинск обл., Тютняры с.] — танкалык аскерлердин ген. полковниги, эки жолу Сов. Союз. Баатыры (21. 3. 1940 ж-а 23. 9. 1944). 1931-жылдан КПССтин мүчөсү. 1928-жылдан Сов. Армияда. Комсоставдын билим тереңдетүү курстарын (1938 ж-а 1943) ж-а Генштабдын академиясын (1950) бүтүргөн. 1940-ж. Советфин согушунда душман коргонуусун талкалаган; Перемышель ш-нын алууда, Висла д-нан өтүүдө (1944) танкалык бригадага мыкты жетекчилик кылган. 3 Ленин ордени, 5 Кызыл Туу, 2-дараж. Кутузов, Кызыл Жылдыз ордендери, Польша, Чехословакиянын ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Согуштан кийин Сов. Армиянын жетекчи кызматтарында иштеди.

АРХИТЕКТО́НИКА (гр. architektonikē — курулуш өнөрү) — архитектурадагы эстетиканын сырткы көрүнүшү, негизги ж-а ага байланыштуу курулуштардын көлөмү м-н кооздолушу жагынан шайкеш келиши. Курулуш материалдары эстет. жактан кооздолгон түрдө архит. формада анын инженердик-тех. (тектон.) негизине көпчүлүк учурда үндөшүп турушу керек. Курулуштун тектон. негизи эстет. жагынан А-лык мүнөзгө ээ болот.

АРХИТЕКТУ́РА (гр. architékton — куруучу) — элдин жашоосу м-н жумуш кызматына ылайыкталган имараттарды ж-а курулуштарды салуу ж-а көркөмдөө өнөрү. А-нын пайда болушу ж-а өнүгүшү өндүргүч күчтөрдүн деңгээли, коомдун социалдык-материалдык керектөөсү, бийликте турган таптардын идеологиясы, улуттук, жаратылыштык ж-а климаттык өзгөчөлүк ж-а ил.-тех. прогресс сыяктуу факторлорго, шарттарга байланыштуу. А. өз кезегинде илим м-н техниканын бир катар тармактарынын практикалык жактан ийгиликтүү өсүшүнө (курулуш механикасы, курулуш материалдарынын түзүлүшү ж-дөгү окуу, курулуштун жылуулук, санитардык техникасы, акустика ж-а социология) түрткү берди. А-нын тигил же бул коомдук формациядагы социалдык маанисин айтканыбызда таптык антагонисттик коомдогу А. элдин, көпчүлүктүн турмуштук мүдөөсүн алымсындырбай, эң башкысы башкаруучу таптардын мүдөөсү үчүн кызмат кылган. А-нын милдетине: 1) жалпы пландаштырылган композициянын максаттуулугу; 2) конструкциянын бекем ж-а туруктуу болушу; 3) курулуштун А-лык формасынын ылайыктуулугу; 4) имаратты курууда экон. чыгымдын сарпталышы ж. б. кирет. А. турак жай имараттарынын, коомдук (гражд.) ж-а админ. имараттардын, ө. ж., инженердик, а. ч. курулуштарынын ж-а бак-парк А-сы болуп бир нечеге бөлүнөт. А-нын өнүгүшүндө төмөнкүдөй этаптар пайда болгон. 1. Египет А-сы (пирамида ж-а храмдар); 2. Грек А-сы (туташ системада курулган храм, театр, мамл. мекемелер, мектеп, стадион ж. б.). Байыркы кул ээлөөчүлүк Грециядагы А. архаикалык, классикалык ж-а эллиндик болуп үчкө бөлүнөт. 3. Рим А-сы (шаардык дворец, храм, чиркөө, собор, монументтер, амфитеатр ж-а триумфалдык аркалар). Римдин ошол кездеги эң көрүнүктүү курулуштары Пантеон ж-а Колизей ж. б. 4. Феод. А. эки багытта: романдык ж-а готикалык багытта өнүгөт (4—14-к.). 5. Кайра жаралуу (Возрождение же Ренессанс, 14-к.) доорунун А-на Флоренция собору (арх. Брунеллески), Римдеги Петрдун собору (арх. Браманте) кирет. 6. Барокко А-сы (16-к-дын 2-жарымы). 7. Рококо А-сы 18-к-дын башында түзүлгөн (Рококо стили). 8. Классицизм А-сы 18-к-дын орто ченинде пайда болгон. 9. Азыркы А. (20-к-дын башталышы) стилистикалык багытта эмес, чыг-лык: академиялык, классикалык, модернисттик багытта өнүгүп же функциялуу-структуралуу жаңы методдор м-н байыды. Бул багыттын өкүлдөрү: архитекторлор Ле Корбюзье, В. Гропиус, Ф. Л. Райт, Л. Мис ван дер Роэ, Нейтра, Леонидов ж. б.

Сов. А. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңишинен кийин соц. коомду куруунун жылдарында пайда болду. Жумушчулар клубдары, мад-т дворецтери сыяктуу коомдук жаңы типтеги көп имараттар курулду. Москва, Ленинград, Киев, Баку, Ташкен ж. б. ш-ларда массалык түрдө турак жай ж-а коомдук курулуштарды куруу кеңири кулач жайды. Москвадагы Кызыл Аянтта Улуу Лениндин Мавзолейи курулду. 30-жылдардын башында Харьковдогу Госпром үйү, Москвадагы Лихачев атн. з-ддун маданий дворецы, «Правда» газетасынын полигр. комбинаты, Москва метрополитени сыяктуу курулуштар пайда болду. 40-жылдардын аягынан имараттарды декоративдик «кооздоо» иштери биздин өлкөбүздүн ири шаарларында курулуп жаткан көп кабаттуу имараттарда кеңири колдонулууда. Курулуштук индустриянын түзүлүшү курулуш иштерин кеңири жүргүзүүгө мүмкүндүк берди. Союздук респ-каларда жаңы турак жай р-ндору, Өзб-нда Навои, Казрак жай р-ндору, Өзб-нда Навои, Казнда Шевченко атн. ш-лар өсүп чыкты. Кийинки жылдарда Москвадагы Съездлер дворецы (1961), Москвадагы СЭВдин имаратынын комплекси ж-а Калинин проспектиси (1967), Ташкендеги Иск-во дворецы (1964), Тбилисидеги Никелешүү дворецы (1964), Еревандагы драма театр (1966), Фрунзеде Фрунзенин музей-үйү (1967), Кыргыз ж-а Орус драма театрлары (1970—72) курулду. Азыр Кырг-нда ири курулуштар көбөйүп, А-лык сейрек кездешүүчү комплекстер пайда болууда. Ошентип, сов. А-нын өтө жакшы чыг-лары мамлекетибиздин жарым кылымдан ашуун убакыттан берки өсүшүн чагылдырып турат.

Ад.: А й з е н б е р г И. П., Р а б и н о в и ч В. И., Некоторые вопросы строительства и архитектуры в произведениях К. Маркса, Ф. Энгельса и В. И. Ленина, М., 1957; Всеобщая история архитектуры. Краткий курс, т. 1—2, М., 1958—63; История советской архитектуры, 1917—1958, М., 1962.

АРХИТЕКТУ́РА АКУСТИКАСЫ — акустиканын бир бөлүгү. Ал имараттын ичинде үн толкунунун таралышын, чагылышын, жутулушун ж-а чагылган үндөрдүн сөз же музыканын даана угулушуна тийгизген таасирин изилдейт. А. а-нын милдети — ар түрдүү чоң залдарды долбоорлогондо, сөздүн ж-а музыканын жакшы угулуу шартын алдын-ала аныктоо. Жабык имаратта чагылган үн түздөн-түз угулган үнгө караганда, канча көп кечиксе, ошончо начарлап, үндүн энергиясы толук жутулганга чейин азая берет. Үндүн бул барабара басаңдашы **р е в е р б е р а ц и я** деп аталат. Реверберациянын узактыгы — залдын акустикалык сапатын аныктоочу эң негизги фактор. Чоң залдарда үндүн ж-а музыканын жакшы угулушун камсыз кылуу үчүн электр акустика күчөткүч системалары колдонулат.



Л. А. Арцимович.

Ад.: Г а н у с К., Архитектурная акустика, пер. с нем., М., 1963.

АРХИТЕКТУРАЛЫК О́РДЕР — имараттарды ж-а курулуштарды тургузууда колдонула турган түркүк конструкцияларынын кооздолгон системасы. А. о-ди Египет, Ассирия-Вавилония, байыркы Персия зодчествосу пайдаланган. Б. з. ч. 5-к-да А. о. (байыркы грек архитектурасында) өнүгүшүндө классикалык бийиктикке жетишкен. Дория, иония, коринф ордерлери классикалык грек ордерлери катары эсептелип, өз пропорциялары, декорациялык кооздугунун мүнөзү ж. б. м-н айырмаланган. А. о. Кайра жаралуу доорунда өнүгүп, 20-к-дын ортосуна чейин архитектурада кеңири колдонулуп келген.

АРХИТРА́В (*архи...* ж-а лат. trabs — устун) — антаблементтин узунунан кеткен үч бөлүгүнүн эң төмөнкүсү. Ал негизги конструкциялуу элементтин маанисине ээ болуп, колонналардын капителдеринде жатат.

АРХО́НТ (гр. archon — башкаруучу, бийлөөчү) — байыркы Грециянын *полистериндеги* жог. бийликтеги адам. Б. з. ч. 11-к-дын башында Афиныда жог. өкмөттүк коллегия. А-тук бийликтин мөөнөтү адегенде өмүр бою белгиленген; б. з. ч. 8-к-дын ортосунда — 10 жылга, б. з. ч. 7-к-дын 1-жарымынан тартып бир жылга чейин кыскартылган.

АРЦИМО́ВИЧ Лев Андреевич [12(25). 2. 1908—1. 3. 1973] — сов. физик, СССР ИАнын акад. (1953), СССР ИА Президиумуна мүчө (1957), Соц. Эмг. Баатыры (1969). Минскидеги Белорус ун-тин бүткөн (1928). 1930—44-ж. СССР ИАнын Физика-тех. ин-тунда, 1944-ж. СССР ИАнын Атом энергиясы ин-тунда иштеген. Негизги эмгектери атомдук ж-а ядролук физиканын проблемаларына арналган. А. физика б-ча тез электрондорго экспериментик изилдөө жүргүзгөн. Электрондук оптика б-ча негизги эмгектер А-ке таандык. А-тин жетекчилиги м-н изотопторду бөлүүнүн электромагниттик методу СССРде 1-иштелген. А. электрондук ылдамдаткычтарда нурлануунун жүрүшүн теориялык жактан изилдеген. Америка илим ж-а иск-во академиясына мүчө (1966). А. СССР Мамл. сыйл. (1953), Лениндик

сыйл. (1958) лауреаты, 4 Ленин ордени, дагы башка орден-медалдар м-н сыйланган.

АРЧА (Iuniperus) — арчалар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Көбүнчө эки үйлүү, айрымдары бир үйлүү, дайыма көгөрүп туруучу дарак же бадал өсүмдүк. Дарагынын бийикт. 5—20 *м*. Жалбырактары майда, ичке бутактарга тыгыз жабышып, түрпүчөлөр түрүндө болот. Гүлдөрү майда, жазында гүлдөйт. Уруктары тегерек келген тобурчактардын ичине жайланышат да, эки жылда бөрчүп жетилет. Кырг-ндын аймагында А-нын 5 түрү кеңири таралган. Алардын ичинен сары А., кара А., өрүк А. көбүнчө дарак түрүндө өсүп, А. токойлорун түзөт. Бадал А. м-н жапалак А. бадалча түрүндө өсөт. А. башка дарактар өспөгөн тоо беттеринде өскөндүктөн, А. токойлору жаан-чачын сууларын токтотуп, топуракты селден, кыяндан сактоого көмөктөш болот. Кырг-ндагы Алай, Чаткал, Талас, Түркстан тоолору А-луу токойлорго бай келет. Респ-кадагы А. токойлорунун жалпы аянты 318,6 миң *га*, запасы 4,64 млн. $м^3$. А. токойлору деңиз деңг. 1000—3600 *м*. бийиктиктеги жерлерде жайланышат. Токойду түзүүчү А. түрлөрүнө жараша тоонун белгилүү климаттык алкагында өсөт. Баарынан көбүрөөк таралган сары А. суукка ж-а кургакчылыкка чыдамдуу келип, көбүнчө тоонун ортоңку алкагынан орун алган. Кара А. жылуураак келген төмөнкү алкакты ээлейт. Жакшы шартта жайланышкандыктан, кай бир дарактар дүпүйүп жайылып өсөт, аларды бай А-лар деп коюшат. Түз келип, бийик өскөндөрүн мырза А. дешет. Өрүк А. суукка байымдуу келгендиктен, тоонун эң бийик алкагында өсөт. Токойлордон 800—1000 жаштагы А. дарактарын кездиктирүүгө болот. Зыянкечтеринин көбүнөн уруктарынын өнүмгө жарамдуулугу 10—30%тен ашпайт. Ошондуктан А. токойлорун калыбына келтирүү иштери кыйынчылыкты туудурат.

АРЧА МОМОЛОЮ (Microtus Carruthersi) — кемирүүчүлөрдүн бир түрү. Түсү кара күрөң, боор жагы боз, жүнү жумшак, калың, кулагы кыска, көзү кичине, арткы буттарынын таманы такыр. Денесинин уз. 110 *мм* ге чейин, куйругу 40—45 *мм*. Памир, Алай, Талас, Түркстан, Зеравшан кырка тоолорундагы токойлордо, шагыл таштарда, ачык шалбааларда жашайт. Алар Кырг-ндын түштүгүндө көп: бир *га* жерге 2,5 миңден ашык ийин туура келет. Бир жылда 4—5 жолу (ар биринде 5—7ге чейин) тууйт. Жайлоо чөбүнө залал келтирет, кыян жүргөндө ийиндери тез желип кетип, жердин бетинин бузулушуна себеп болот.

АРЧАГУЛ — Киров р-нундагы Көк-Сай сельсоветине караштуу кыштак. «Россия» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кировдон 51 *км* түш.-бат. тарапта, Маймак т. ж. станциясынан 22 *км*. Калкы 617 (1970). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

АРЧАЛЫ КЕНИ — Нарын обл-дагы марганец рудасы чыгуучу жер. Нарын ш-нан 50—60 *км* түн.-чыг. тарапта, Жетим кырка тоосунун түндүгүндөгү Арчалы суусунун сол жээгинен орун алган. 1956-ж. геологдор В. Г. Королёв м-н Ю. В. Жуков ачышкан, бирок кен жаткан жерде байыркы казындылар табылган. Кендин аймагын кембрий мезгилинде пайда болгон аки таш теги, сланец, кремний, ордовикке таандык сланец, яшма ж-а палеоген-неогендин конгломерат, кумдук, чопо тектери түзөт. Марганец рудасы Л. Д. Медведевдин оюу б-ча—чөкмө, ал эми К. С. Сагындыковдуку б-ча, жанар тоо-чөкмө түрүндө пайда болгон. Руда браунит, гаусманит, псиломелан-вад, гематит, лимонит ж. б. минералдардан түзүлүп, линза, тарам, уячалар түрүндө ордовиктин гематит-кремнийлүү сланец ж-а яшмадан турган тоо тек катмарларынын арасында. Руда кабатчаларынын калыңд. 30—40 *м*, уз. 100—150 *м* ге жетет. Рудадагы марганец орто эсеп м-н 15,4%. А. к-де геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүлө элек.

АРЧАЛЫ — Аламүдүн р-нундагы Орто-Алыш сельсоветине караштуу кыштак. «Аламүдүн» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Аламүдүндөн 28 *км*. түш.-бат. тарапта, Пишпек т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 1280 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АРЧАЛЫ — Ысык-Көл обл-нын Тоң р-нундагы Күн-Чыгыш сельсоветине караштуу кыштак. Ленин атн. к-здун аймагында, р-ндун борбору Бөкөнбаевден 270 *км* түш. тарапта, Балгарт өрөөнүндөгү Арчалы суусунун боюнда. Рыбачье т. ж. станциясынан 253 *км*. Калкы 424 (1974). Китепканасы ж-а ооруканасы бар.

АРЧАЛЫ — Кичи Нарын суусунун сол куймасы. Уз. 47 *км*. Жетим кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталып, кууш, терең капчыгайлар м-н адегенде түндүккө, анан батышты көздөй агат. 87 майда куймасы бар, эң ириси — Борду. Жылдык орт. чыгымы 1,36 $м^3/сек$. Май айында кирип, октябрда тартылат. А. мөңгү ж-а кар сууларынан куралат.

АРЧАЛЫ ТООСУ — Кичи Нарын суусунун алабында, Балгарт өрөөнүнүн түштүгүндөгү тоо. Орт. бийикт. 4000—4200 *м*, эң бийик жери 4412 *м*, уз. 28—30 *км*, туурасы 6—8 *км*. Негизинен гранит ж-а кумдук, аки таш тектеринен турат. Тоо бети аскалуу, чыг. жагы (Ай-Көл, Жаман-Эчки) бийик, батышы жапыз, структурасы б-ча Капка-Таш тоо кыркасы м-н кошулат. Генет. тиби б-ча *антиклиналь-горст*. Түп. бети мөңгүлүү. Ландшафттык алкактар А. т-на анча мүнөздүү эмес, тоо капталында негизинен талаа чөптөрү өсөт.

АРШАКИЛЕР (Аршакундар), а р м я н д а р — падышалар династиясы (62—428). Бул династия Парфия падышалыгындагы Аршакилер династиясы м-н тектеш болгон. Армяндардын А. династиясын Тиридат I негиздеген (62—80). Бул кезде Арменияда феод. мамилелер калыптана баштаган. Улуу Тиридат IIIнүн тушунда (287—332) христиан дини өлкөдөгү мамлекеттик динге айланды. А. феод. бытырандылыкка каршы ж-а Армениянын көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн, бирок андан натыйжа чыккан эмес. Улуу Армения өлкөсүн Иран м-н Рим бөлүп алып (387), А. көз каранды жерг. бийлөөчүлөр болуп калат. А. династиясы 428-ж. кулайт.

АРЫК — табигый же жасалма суу нугу. Сууну бөлүштүрүү ж-а керектүү жерге жеткирүү үчүн пайдаланылат. Кийин жасалма чоң арык канал, чарба ичиндеги майда сугат тармактары А. деп аталып калды. Алар туруктуу ж-а убактылуу А. болуп бөлүнөт. Убактылуу А. сугат убагында салынат да, сугат аралыгында ж-а кышкысын түзөтүлүп ташталат.

АРЫК КАЗГЫЧ — сугат аянтына арык салуучу, саздак жерлерди кургатуу, канализация, дренаж ж. б. түтүктөрүн жайгаштыруу үчүн траншеяларды казуучу, өзү жүрүүчү ж-а асма же чиркелме машина. Конструкциясы б-ча фрезерлүү, көп чөмүчтүү ж-а соко түрүндөгү А. к. болуп бөлүнөт. Мындан тышкары гусеницалуу, дөңгөлөктүү ж-а чийне түрүндөгүсү да болот. А. к. эл чарбачылыгында кеңири колдонулат.

АРЫК-БОЮ — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы Ак-Булак сельсоветине караштуу кыштак. «Кызыл-Кыя» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 60 *км* бат. тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 12 *км*. Калкы 467 (1974).

АРЫКТОО, д и с т р о ф и я (*дис...* ж-а гр. trophe—тамактануу) — организмде зат алмашуунун бузулушунан келип чыккан патологиялык процесс. А. организмдин тынымсыз иштешинен, сапатсыз тамактануусунан ж-а ар кандай оорулардан пайда болот. Адамдын организминде зат алмашуунун негизинде көп энергия пайда болуп, анын бир бөлүгү тиричилик үчүн пайдаланылса, калган бөлүгү запаста сакталат. Бул запас энергия фосфор к-тасынын кошулмасы АТФ (аденозинтрифосфор к-та) түрүндө болот. Организмде АТФтын запасы өз убагында толукталбай, азайып отурушунан органдардын кызматы начарлап, адам арыктайт.

АРЫС — Казак ССРинин түштүгүндөгү дарыя, Сыр-Дарыянын оң куймасы. Уз. 378 *км*, алабынын аянты

14900 $км^2$. Жылдык орт. чыгымы (Арыс ш-нын жанында) 46,6 $м^3/сек$. А. Талас Ала-Тоосу м-н Кара-Тоонун ортосундагы мойноктон башталат. Дарыя кар, жамгыр сууларынан куралат, декабрдын аягында тоңуп, марттын башында ачылат. Ири куймалары: Машат, Ак-Суу, Боролдой, Бадам. А. ж-а анын куймалары сугатка пайдаланылат.

АРЫС (1956-жылга чейин поселок) — Казак ССРинин Чымкен обл-дагы шаар. Ташкенден 155 *км*, Чымкенден 79 *км*. Арыс д-нын (Сыр-Дарыянын куймасы) сол жээгинде жайгашкан. Алматы — Ташкен — Оренбург т. ж-нун тоому. Калкы 26,4 миң (1970). Т. ж. транспортторун тейлөө ишканалары бар.

АРЫС (Mustela erminea) — суусар сымалдар тукумундагы жырткыч айбан. Жылына 2 жолу түлөйт. Териси баалуу, жүнү кыска, калың, кышкысын тула бою ак келип, куйругунун учу гана кара болот. Денесинин уз. 20—25 *см*. А-тын эркеги ургаачысынан 1—2 эсе чоң. А. Европада, Азияда, Түн. Америкада, Түндүк Муз океанынан О. Азиянын чөлдөрүнө чейин кеңири таралган. Кырг-ндын бардык р-ндорунун шагыл таштуу, бадал токойлуу жерлеринде жашайт. А.— өтө чапчаң, сууда сүзүүчү ж-а бактарга жармашып чыга алуучу жаныбар. А-тын азыгы — көбүнчө чычкан сыяктуу кемирүүчүлөр ж-а майда канаттуулар. А. майда кемирүүчүлөрдү кырып, а. ч-сына чоң пайда келтирет.

АРЫС ЧЫЧКАН (Mustela nivalis) — суусарлар (Mustelidae) тукумундагы жырткыч жаныбар. Денеси ичке, ийилчээк, уз. 18—20 *см*, салм. 100 *г*. Башы кичирээк, кулагы кичине, буту кыска, тырмагы курч, жүнү жыш, жылына 2 жолу түлөйт. Жыл мезгилине жараша жайында сары күрөң, кышында ак болуп өзгөрүп турат. Эркеги чоңураак. А. ч. жер шарынын көп жеринде: токойлордо, талааларда, чөлдөрдө жашайт. Кырг-ндын тоо кыркаларында кездешет. А. ч. жылына 2—3 миң чычканды жок кылып, а. ч-сына чоң пайда келтирет.

АРЬЕРСЦЕНА — сценанын түп жак бөлүгү, негизги сцена бөлүгүнүн уландысы ж-а декорациялык түзүлүштөр үчүн кошумча жай. Азыркы кездеги театр имараттарында А. кеңири жасалат. Ал жерде декорациялар жайгаштырылып, аларды жылдырып келүүчү түзүлүштөр коюлган. Анын жогору жагында декорация көтөргүчтөрү ж-а жарык берүүчү аппаратура орнотулган колосниктер бар.

АСА-МУСА (Abelia) — шилбилер тукумундагы уруу, бадал өсүмдүк. Бийикт. 1—5 *м* болот. Топ гүлү калканча сымал. Жыгачы катуу. Ашы август-сентябрда бышат. Аса-муса деңиз деңг. 1000—2000 *м* бийиктиктеги жерлерде өсөт. СССРде 2, Кырг-нда



Ж. Асаналиев.



Т. Асанбеков,



Ж. Асанкулов.



Д. Асанов.

бир түрү бар. Ал Алай, Фергана, Чаткал тоо кыркаларында ж-а Тогуз-Тородо кезигет, парктарда кооздук үчүн өстүрүлүп, уругу медицинада пайдаланылат.

АСАН КАЙГЫ — уламыш б-ча, ойчул, акылман, сынчы адам. Өмүр бою элдин муңун муңдап, зарын зардап жүргөндүктөн, А. К. аталган. Ал ж-дө айрым түрк (каракалпак, казак) элдеринде да айтылат. А. К-нын өмүр баяны тууралуу так маалымат жок, фольклордук материалдарга караганда, ал 15-к-да жашап өткөн. Караөзгөй Жаныбек ханды сындап, ырайымсыздыгын ашкерелеген. Ч. Валиханов аны «көчмөн элдердин философу» деп атаган. А. К. элдин камын ойлоп, «кой үстүндө торгой уялаган» жер издеп, Эдилден тартып Талас, Нарын, Ак-Сай, Ат-Башыга чейин барган. Оюндагыдай конушту, адамга сыйлуу, малга жайлуу жер таппай, кайгыда жүрүп каза тапкан. Уламада анын табыты Ысык-Көлдүн боюнда делет.

АСАНАЛИЕВ Жумаш (1923, Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Отуз-Уул кыш.— 1944) — Сов. Союз. Баатыры (1944). 1942-жылдан ВЛКСМ мүчөсү. Кызыл Армиянын катарына 1942-ж. чакырылган. Улуу Ата Мек. согушта 67-гвард. аткычтар дивизиясынын 199-гвард. аткычтар полкунда пулемётчу болгон. 1944-ж. 24-июнда Бат. Двина д-нан совет жоокерлери чабуул коюп, Лобейка кыштагынын (БССР) жанынан өткөндө, А. өз пулемёту м-н душман ээлеген жээкке 1-болуп чыгып, батальондун оң флангасынан орун алып, гитлерчилердин контр чабуулуна каршы салгылашкан. Станоктуу пулемётунун бүткүл расчёту катардан чыккан соң, А. жалгыз калып, фашисттер жакындап келгенде, акыркы гранатасын жардырып, айланасындагы фашисттерди кырып, өзү да курман болгон.

АСАНАЛИЕВ Үсөнгазы (1934-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Шалба кыш.) — сов. геолог, геология-минералогия илимд. доктору (1971). 1966-жылдан КПССтин мүчөсү. Фрунзе политех. ин-тунун тоо-геол. ф-тетин бүтүргөн (1957). Кыргыз ССР геол. башкармасынын геол. чалгындоо партиясында геолог, андан кийин Кыргыз ССР ИА Геол. ин-тунун ил. кызматкери (1959), лаборат. башчысы (1972), ФПИнин илим б-ча проректору (1974) болуп иштейт. А.— түстүү металлдардын жер кыртышында чөкмө түрүндө пайда болгон кендерин изилдөөчү ил. багыттын өкүлү. 30га жакын ил. эмгеги бар. Алар Тянь-Шандын девон ж-а карбон мезгилиндеги чөкмө тоо тектердин литологиялык составын, фациясын, палеогеографиясын, пайда болуш шарттарын, алардын өзгөрүштөрүн ж-а чөкмө тоо тектердин арасында жайгашкан коргошун, жез, цинк кендеринин пайда болушун изилдөөгө арналган. А. кийинки жылдары сымаптын пайда болуу ж-а таралуу маселелерин изилдеп жүрөт.

Чыг.: Особенности формирования полиметаллических руд в карбонатных породах девона Сумсар-Бозбутооского района, Сб. Рудоносные осадочные формации и рудная зональность артезианских бассейнов Средней Азии, Л., 1964; Литология, фации и оруденение (свинец, цинк, медь) девонских и нижнекаменноугольных отложений Срединного Тянь-Шаня. Сб. Состояние и задачи советской литологии, М., 1970 (Г. И. Давыдов ж-а В. М. Попов м-н бирге); Литология и рудоносность девонских и нижнекаменноугольных отложений Срединного Тянь-Шаня, Фр., 1974.

АСАНБЕКОВ Төлөнбай (1925-ж. т.) — Нарын обл-нын Ак-Талаа р-нундагы Ленин атн. к-здун жылкы фермасынын башчысы (1945). Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1951-жылдан КПССтин мүчөсү. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1947-ж. А. жетекчилик кылган ферма 84 бээден 84 кулун алып, аман өстүргөн. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АСАНКУЛОВ Жумабек (15. 2. 1927-ж. т., Москва р-ну, Кепер-Арык кыш.) — сов. ген.-майор (1968), 1947-жылдан КПССтин мүчөсү. Дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Эмгек жолун 1945-ж. мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1946-ж. Мамл. коопсуздук органына иштөөгө жиберилген. 1955-ж. Москвада Аскердик-юристтик жог. окуу жайын бүтүргөн. Андан кийин Кыргыз ССР Мин. Советинин алдындагы Мамл. коопсуздук комитетинде жооптуу кызматкер. 1961-ж. ушул комитеттин Ош областы б-ча башкармасынын начальниги, Кырг-н КП Ош обкомунун мүчөсү ж-а бюро мүчөсү (1961—1966). Кырг-н КП БКнын админ. органдар бөлүмүнүн башчысы (1966). 1967-жылдан Кыргыз ССР



Ж. Асанов.



Б. В. Асафьев.

Мин. Советинин алдындагы Мамл. коопсуздук комитетинин пред-ли. КПССтин 24-съездинин делегаты. 1966—71-ж. Кырг-н КП Борб. текшерүү комиссиясынын мүчөсү. 1971-жылдан Кырг-н КП БКнын мүчөсү ж-а Кырг-н КП БКнын Бюросунун мүчөлүгүнө кандидат. СССР Жог. Советинин 9-шайл., Кыргыз ССР Жог. Советинин 6—8-шайл. депутаты. Эки Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АСАНОВ Дайыр (30. 5. 1922-ж. т., Нарын обл., Ат-Башы р-ну, Баш-Кайыңды с.) — Сов. Союз. Баатыры (1943), полковник (1971), 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. 1941-ж. Ат-Башыдагы В. И. Ленин атн. орто мектепти бүтүрүп, С. М. Киров атн. к-здо эсепчи болуп иштеп турган. А. 1941-ж. Сов. Армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мек. согушта Түш.-Бат., Воронеж, Дон, Сталинград, Степь, 2-Украина фронтторунда болгон. 1944—45-ж. Ульянов ш-дагы 1-Гвард. В. И. Ленин атн. танкалык окуу жайын бүтүрүп, танка взводунун, ротасынын командири болгон. 1947-ж. Ташкендеги танкисттердин жог. окуу жайын, 1953—56-ж. Москвадагы В. И. Ленин атн. аскердик-саясий академияны бүтүрүп, аскердик бөлүктүн командиринин саясий бөлүмүнүн орун басары, 1958—62-ж. Кыргыз ССР Аскер комиссариатынын саясий бөлүмүндө пропагандист, 1963-жылдан Токмок ш-нын, кийин Фрунзе ш-нын Ленин р-ндук аскер комиссары болуп иштеп келе жатат. Кыргыз ССР Жог. Советине (3-шайл.) депутат. Ленин ордени, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, 2 Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АСАНОВ Жамантай (1918-ж. т.) — Ош обл. Өзгөн р-нундагы «Эркин-Тоо» к-зунун звено башчысы (1945). Соц. Эмг. Баатыры (1949). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1948-ж. А. башкарган звено 30,3 *га* жаздык буудайдын ар гектарынан 29,1 *ц* ден түшүм алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АСАНОВ Үсөн (1934-ж. т., Нарын обл., «Эмгекчил» к-зу) — сов. физ. химик, химия илимд. доктору (1976). 1970-жылдан КПССтин мүчөсү. Москвадагы Менделеев атн. хим.-технол. ин-тту бүтүргөн (1956). 1956—59-ж. Кыргыз ССР ИАнын Орг. эмес ж-а физ. химия ин-тунда кенже ил. кызматкер, 1963-жылдан лаборатория башчысы. 1959-62-ж. СССР ИАнын Физ. химия ин-тунда аспирант. Негизги ил. багыты — электр разрядындагы хим. процесстерди изилдөө. А. 100дөй ил. макаланын, 18 ойлоп табуунун автору. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

АСАФЬЕВ Борис Владимирович [(псевдоними—Игорь Глебов), 1884, Петербург — 1949, Москва] — сов. искусствовед, композитор, СССР ИАнын акад. (1943), СССР эл артисти (1946). Петербург ун-тинин тарых-филол. ф-тетин (1908), Петербург консерваториясын (А. К. Лядовдун классы б-ча, 1910) бүтүргөн. 1919—30-ж. Ленинград иск-во тарыхы ин-тунда иштейт. Ленинград консерваториясынын проф. (1925). Москвада 1943-жылдан тартып эмгектенет. Сов. композиторлордун бүткүл союздук 1-съездинде (1948) СССР композиторлор союзунун башкармасынын пред-лдигине шайланат. А.— орус ж-а чет өлкөлөрдүн муз. мад-ты, музыка теориясынын маселелери б-ча ил. эмгектердин ж-а сын макалалардын автору. 11 опера, 28 балет, 4 симф., бир нече романс, камералык-аспаптык ж. б. чыг-лар жазган. Алардын белгилүүлөрү: «Париж жалыны» (1932), «Бахчисарай фонтаны» (1934), «Кавказ туткуну» (1938) ж. б. А. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1943, 1948). Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АСБЕСТ (гр. asbestos — өчпөс, талкаланбас) — *силикаттар* классындагы серпентин ж-а амфибол топторуна кирүүчү ичке, ийилчээк тал-тал булалардан турган минералдардын жалпы аты. Серпентин тобундагы минерал **хризотил-асбест** деп аталат. Хим. формуласы $Mg_6[Si_4O_{11}](OH)_6$. Өңү жашыл сымак боз, жибектей жылтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2—2,5. Буласы ийилчээк, эң бышык, отко чыдамдуу, уз. 1—2 *мм* ден 50 *мм* ге жетет. Кендери гидротерм эриндилердин магнийге бай ультра негиздүү тоо тектерге тийгизген таасиринен пайда болот. Ири кендери Уралда (Баженов, Киембай), Казакстанда (Жетикара), Тува АССРинде (Ак-Довурак) ж. б. жерлерде табылган. **Амфибол-асбест** амфибол тобуна кирет. Буласы өтө ичке, уз. 5 *см* ге жетет. Кендери метаморфизмделген тоо тектер орун алган жерлерде жолугат. Уралда (Сысерт) ири кени табылган. А. кислоталарга, щёлочторго туруктуу, отко чыдамдуу, жылуулукту өткөрбөөчү буюмдарды жасоодо, пластмасса м-н асбест цементтин ж. б. даярдоодо ж-а химия ө. ж-да кеңири колдонулат.

АСБЕСТОЦЕМЕНТ — *асбест* м-н цементтин аралашмасына суу кошулуп даярдалган курулуш материалы. 500 ж-а андан жог. маркадагы 100 бөлүк портландцементке 12—20 бөлүк асбест кошулганда, анын булалары арматуранын, цемент болсо чапташтыруучу заттардын ролун аткарып, суукка ж-а отко чыдамдуу, чирибес, бекем, суу өткөрбөөчү материал пайда болот. А. материалдары дубалдын бетине чапталуучу плита, панель, суу жүрүүчү түтүк, архит. кооз буюм катары колдонулат. Жасалгалоо үчүн колдонулуучу А. плиталары асбест м-н цементтин кургак аралашмасы нымдалып, прессте ныкталып, керектүү өлчөмдө кесилип даярдалат. Мындай материалдардын көпчүлүгү өз өңү б-ча, айрым учурларда бети боёлуп же плёнка м-н капталат.

АСЕПТИКА (*а...* ж-а septicós — ириңдөө) — операция жасоодо, жараттарды дарылоодо колдонуучу бардык материалдарды зыянсыздандырып, жаратка микроб түшүрбөй, аны ириңдөөдөн сактоо чаралары. Жаратка микроб 2 жол м-н: абадан, шилекей чачырандыларынан ж-а жаратты таңуучу материалдардан, оорулуунун денесиндеги ириңден кан, лимфа аркылуу жугат. 1867-ж. англ. хирург Ж. Листер А-лык максатка карбол к-тасын сунуш кылган. Азыркы хирургиялык практикада зыянсыздандыруу жог. темп-ра (кайнатуу, күйгүзүү) ж-а аны жог. басымга, кызгылт көгүш нурларга айкалыштыруу м-н ишке ашырылат. А-ны сактоо үчүн керексиз буюмдар турбаган жарык, дубалы оңой жуула турган атайын операциялык бөлмө жабдылып, андагы аба бактерияларын өлтүрүүчү лампанын кызгылт көгүш нурлары м-н зыянсыздандырылат. Халат, дакиден жасалган маска, башка ж-а бутка кийилүүчү чүпүрөк кийимдер, сүлгү, шейшеп, жаратты таңууга колдонулуучу материалдар *автоклавда*, ал эми металлдан жасалган аспаптар кайнатылып, кайнаганда, мокой турган кесүүчү аспаптар, жибектен, ичегиден, капрондон, нейлондон жасалган жиптер 96° спирт м-н чайкалып, зыянсыздандырылат. Ичегилердин ичин ачуу же ириң толгон жерди жарууга байланыштуу операцияларды жүргүзүү үчүн атайын операция ж-а таңуу бөлүмдөрүнүн уюштурулушу А-га толук жетишүүгө мүмкүндүк берет.

АСИКАГА — Япониянын о. кылымдагы аскер-феодалдык акимдери — сёгундардын 2-династиясы [1335(1338)—1573]. Жерг. князьдар (даймё) күч алган сайын А-нын бийлиги бошоңдой берген. 15-к-дын орто ченинде өз ара феод. согуштар башталып, ошонун айынан өлкө өз алдынча айрым княздыктарга бөлүнүп, А-нын бийлиги жармач тарткан. А-нын акыркы акимин Нобунага Ода кулаткан.

АСИМОВ Мухамед Сайфитдинович (1. 9. 1920-ж. т.) — сов. философ, СССР ИАнын мүчө-корр. (1974), Тажик ССР ИАнын акад. (1965), ошол эле жылдан анын президенти. 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. 1941-ж.

Алишер Навои атн. Өзбек ун-тин бүтүргөн. 1946—52-ж. Ленинабад пед. ин-тунун директорунун орун басары, 1956—62-ж. Дүйшөмбү политех. ин-тунун ректору. 1962—65-ж. Тажик ССРинин элге билим берүү министри. Таж-н КП БКнын секретары. Тажик ССР Мин. Советинин пред-линин орун басары. Таж-н КП БКнын мүчөсү. Тажик ССР Жог. Советинин 6, СССР Жог. Советинин 7—9-шайл. депутаты. Тажик Совет Энциклопедиясынын Баш редактору. Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

АСИМПТОТА (гр. asýmptōtos — дал келбөөчү) — координаталар башталмасынан чексиз алыстаган сайын ийри



сызыкка чексиз жакындай берген түз сызык. Мис., гипербола $xy = 1$ теңдемеси түрүндө берилсе, анда анын А-сы — $x = 0$ ж-а $y = 0$ болгон координата октору (к. сүрөт). Ийри сызык өзүнүн А-сы м-н кесилиши да мүмкүн (мис., өчүүчү термелүүнүн графиги). Матем. анализде А. түшүнүгү чоң мааниге ээ. Мис., $y = \frac{\sin x^2}{x}$ түрүндө берилген функциянын А-сы — $y = 0$ түз сызыгы.

АСИМПТОТА КАТАРЫ — функцияны катарга ажыраткандагы абдан кичине салыштырмалуу каталык, ага жакындатылган туюнтма, к. *Катар*.

АСИМПТОТА СЫЗЫГЫ — чекиттеринде жанышуучу тегиздиги жаныма тегиздиги м-н дал келген беттеги ийри сызык, к. *Дифференциалдык геометрия*.

АСИМПТОТАЛЫК АЖЫРАТУУ — берилген функциянын жыйналбоочу катар түрүнө келтирилиши. $f(x)$ функциясынын $x \to a$ кезиндеги (же $x \to \infty$ ж. б.) катары $\sum_{k=0}^{\infty} \varphi_k(x) = \varphi_0(x) + \varphi_1(x) + ... + \varphi_k(x) + ...$ А. а. болот. Толук А. а-ну табуу кыйын болгон учурда бир нече мүчө м-н чектелген А. а-лар алынат. Мис., $n \to \infty$ кезиндеги гармоникалык катардын биринчи n мүчөсүнүн суммасын $Q_n = 1 + \frac{1}{2} + \frac{1}{3} + ... + \frac{1}{n}$ табууга мүмкүндүк берүүчү А. а-нун мисалы $Q \sim \ln n + C + \frac{1}{2n} - \frac{1}{12n^2} + ...$ формуласы боло алат; мында С — Эйлер турактуу саны. «А. а.» деген түшүнүк көбүнчө комплекстик өзгөрүлмөлүү функцияларга, өзгөчө А. а-нун айрым типтерине колдонулат.

АСИНХРОНДУУ ЭЛЕКТР КЫЙМЫЛДАТКЫЧ — электр энергиясын мех. энергияга айландыруучу асинхрондуу электр машинасы. Статордун орому б-ча үч фазалуу ток өткөндө пайда болгон айлануучу магнит талаасы ротордун орому аркылуу өтүп, анда ток



Асинхрондук электр кыймылдаткычынын ажыратылгандагысы: *а* — статор; *б* — чукул туташтырмалуу ротор; *в* — фазалуу ротор; *1* — станина; *2* — штампталган болот калдыркандан жасалган өзөкчө; *3* — оромолор; *4* — вал; *5* — контакт шакеги.

пайда кылат. Индукцияланган ток м-н статордун магнит талааларынын өз ара аракеттенишинин натыйжасында ротор магнит талаасын ээрчип айлана баштайт да, ал талаага салыштырганда айлануу саны аз болот. А. э. к-ын электр тармагына туташтыруу үчүн анын статорунун орому жылдызча же үч бурчтук түрүндө бириктирилет. Роторлорунун түзүлүшү б-ча А. э. к. чукул туюкталган ж-а фаза ротордуу болуп бөлүнөт. Үч фазалуу А. э. к-тан башка да бир фазалуу кыймылдаткыч бар. Башка кыймылдаткычтарга салыштырганда А. э. к-тын п. а. к-ти жогору болот да, ө. ж. тармактарында кеңири пайдаланылат.

АСИНХРОНДУУ ЭЛЕКТР МАШИНАСЫ (*а...* ж-а synchronos — бир убакта) — статордун магнит талаасынын айлануу жыштыгы м-н ротордун айлануу жыштыгы барабар болбогон (синхрондуу эмес) өзгөрмө токтун электр машинасы. А. э. м. негизинен кыймылдаткыч, айрым учурларда генератор катары колдонулат. Эгер А. э. м-нын ротору магнит талаасынын айлануу багытына карама-каршы айландырылса, ал тормоздоо режиминде иштейт, к. *Асинхрондуу электр кыймылдаткыч*.

Ад.: Костенко М. П., Пиотровский Л. М., Электрические машины, ч. 1—2, М.—Л., 1958.

АСИНХРОНДУУ ЭСЕПТЕГИЧ МАШИНА — ар бир эсептөөсүнүн башталышы мурдагы эсептөөнүн бүткөндүгүн баяндаган кабар б-ча аныкталуучу цифралуу эсептегич машина (ЦЭМ). Бир эсептөөнү аткаруу үчүн машинанын бир нече түзүлүшү ж-а блоктору ишке катышат. Ар бир түзүлүш өзүнө таандык эсептөөлөрдү белгилүү убакытта аткарып, кезекти кийинки түзүлүшкө берет. Уаак убакытты талап кылуучу көбөйтүү, бөлүү ж. б. чоң эсептөөлөрдү аткаруу үчүн асинхрондуу принцип колдонулат да, кыска мөөнөттө аткарылуучу эсептөөлөр машинанын туруктуу такты (кадамы) аркылуу аткарылат. Кемитүү, кошуу ж. б. кыска эсептөөлөр көп колдонулган маселелерди чыгарууда машинанын өндүрүмдүүлүгү жогорулайт ж-а машина өзүн өзү текшергендиктен, бир эсептөө бүтмөйүнчө 2-эсептөө башталбайт.

АСКАЛАРДАГЫ ЖАЗУУ-ЧИЙМЕЛЕР (петроглифтер, жазуулар) — үңкүрлөрдүн боорлорунда, аскаларда, айрым таштарда тартылган байыркы сүрөттөр. А. ж.-ч.— палеолит доорунан адепки о. кылымга чейинки адамзат коомунун тарыхынын ар түрдүү доорлоруна тиешелүү эстеликтер. 1-палеотикалык сүрөттөр Түн. Испаниядан, Франциянын түш. жагындагы үңкүрлөрдөн, биздин өлкөбүздө Урал, Кавказ тоолорунан, Ч. Сибирден табылган. Алгачкы сүрөттөрдө, көп окумуштуулар белгилегендей, сыйкырдуу мааниде берилген айбандардын: өгүз, жылкы, мамонт, бугу, бизон, аюу ж. б-лардын турпаттары тартылган. Кырг-ндын тоолорундагы бул сыяктуу көп сандаган сүрөттөрдүн кээ бир түрлөрү (Ак-Чуңкур үңкүрүндөгү, *Саймалы-Таш* тоолорундагы жазуу-чиймелердин бир тобу) байыркы неолит дооруна таандык. Аскалардагы



сүрөттөр, жазуу-чиймелер байыркы адамдардын чарб. ж-а рухий турмуш-тиричилигин изилдөөдө өтө баалуу материал катарында пайдаланылат.

АСКАЛУУ КЫРКА ТООСУ — Чоң Кавказдын бат. ж-а борб. бөлүгүндөгү (түн. капталындагы) кырка тоо. Уз. 330 *км*, бийикт. батышында 1200—1700 *м*, чыгышында 3000 *м* ге чейин. Бийик чокусу (Каракая) 3610 *м*. Аки таш тектеринен түзүлгөн. Түш. капталы тик, түндүгү айдөшүрөөк. Байыркы муз каптоонун белгилери байкалат. Карст формалары кезигет.

Түп. капталында жазы жалбыракту токой өсөт, түштүгүндө токой тилкесинен жогору тоолуу талаа ж-а шалбаа жатат.

АСКАЛУУ ТООЛОРУ (Rocky Mountains) — Түп. Америка Кордильерлериндеги ири тоо тизмек, к. *Кордильер тоолору*.

АСКАЛЫ — Ош обл-нын Алай р-ндагы «Алай» сельсоветине караштуу кыштак. «Алай» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Гүлчөдөн 37 *км* түш.-чыг. тарапта, Ош т. ж. станциясынан 119 *км*. Калкы 400 (1972). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

АСКАНИЯ КОЮ — уяң жүндүү кой. Аскания меринос соолуктарын Американын рамбулье кочкорлору м-н аргындаштыруу аркылуу 1934-ж. акад. М. Ф. Иванов «Аскания-Новада» чыгарган. Жүнү коюу, эти сапаттуу. Кочкорунун тирүүлөй салм. 110—140 *кг*, соолугунуку 60—70 *кг*. Кочкорунан 10—12 *кг*, соолугунан 5,5—6 *кг* жүн алынат. Таза жүндүн чыгышы 40—45%. Жүн берүү б-ча А. к. дүйнөдө 1-орунда. Мис., Херсон обл-нын «Красный чабан» с-зунун № 40 кочкору 30,6 *кг* жүн берген. А. к. климаты кургак жерге жакшы көнүккөн. Көбүнчө УССРдин ж-а РСФСРдин түш. жагында өстүрүлөт. Жүн берүүчү койлорду көбөйтүү үчүн Кырг-нда аргындаштыруу иштери жүргүзүлүүдө.

АСКАНИЯ-НОВА — Түш. Украинадагы мамл. корук. Каховка ш-нын түш.-чыг. жагынан 60 *км* аралыкта. Чоң Чапель обдуңунан орун алган. Ал бетегелүү, шыбактуу дың жерди сактап калуу максатында түзүлгөн. Аймагы 11 миң *га* (1967), анын ичинен 1560 *га* накта корук. А. 1919-ж. Украина Совнаркомунун декрети м-н алдык корук паркка, 1921-ж. мамл. корукка, 1932-ж. жаныбарларды байыр алдыруу ж-а аргындаштыруу б-ча Бүткүл союздук пл. из. ин-туна, 1956-ж. М. Ф. Иванов атн. Украина талаа райондорунун мал чарба пл. из. ин-туна айландырылган. А-нын зоол. бөлүмүндө дүйнө өлкөлөрүнөн алынып келинген жапайы айбанаттар: антилопа, бизон, зубр, зебра, лама, бугу, Пржевальский жылкысы; канаттуулардан: афр. төө куш, нанду, эму, ак куу, каркыра багылып, аның ботан. багында дарак м-н бадалдын 120дан ашык түрү өстүрүлөт.

АСКАРИДАЛАР — жумуру курттардын түкуму, адамдын ж-а омурткалуу жаныбарлардын ичегисиндеги мителер. Киши А-лары (Iumbricoides) ж-а чочко А-лары (Ascaris suum) кеңири таралган. Ургаачыларынын уз. 25—40, эркектериники 15—20 *см*. Ургаачы А. суткасына 250 миңге чейин жумуртка туун, личинкасы сыртқы чөйрөдө 10—12 күндө жетилет. Тамак же суу аркылуу кишинин ичегисине кирген жумурткалардан личинка чыгып, ичегинин былжырлуу чел кабын көзөп, вена канына өтүп, боорго барат. Кан айлануу системасынын таалай тармактарынан өтүп, жүрөккө, андан өпкө ж-а кекиртек аркылуу 2-жолу оозго барып, тамак сиңирүү системасына өтөт. Личинка ичке ичегиде чоң митеге айланып, 2—2,5 айдан кийин жумурткалай баштайт. Кишиде бир же бир нече жүзө чейин А. болушу мүмкүн. А-дын мителик кылуусунан пайда болуучу оору *аскаридоз* деп аталат.

АСКАРИДОЗ — канаттуулардын жумуру мите курттар — аскаридиялардын кесепетинен чыккан ылаң. Андан көбүнчө тоок, күрп ж-а көгүчкөн жабыр тартат. Ылаң аскаридиянын сиркеси м-н булганган жем, чөп, суу аркылуу жугат. Тоок аскаридиялары узун. 70—120 *мм* болот. Мында жөжөлөр жүдөйт, арыктайт, капсырайт; ичегиси түйнөк болушу мүмкүн. Диагнозу канаттуулардын кыгынан аскаридияны табуу, ичегидеги патологиялык-анат. өзгөрүүлөрдүн ж. б. негизинде коюлат. Дарылоодо фенотиазин, пиперазин сульфаты колдонулат. Хлорофос 50—80 *мг/кг*, гигромицин-Б тоют м-н берилет. Профилактика: жөжөлөрдү чоң канаттуулардан бөлүп, таза бөлмөдө асыроо, кыгындагы мителерди убагында жок кылуу.

АСКАРИДОЗ — адам ж-а чочконун организминде мителик кылуучу жумуру курттардан (аскариддерден) пайда боло турган мите курт оорулары. А. жер тарынын бардык вона-ларында (чөл ж-а дайыма муз кетпес жерлерден башка) таралган. А. көбүнчө оору адамдын заңы түшкөн жер кыртышынан, аскаридалардын личинкалары м-н булганган колдон, жуулбаган жер-жемиштерден ж-а чымын аркылуу жугат. А. оорусу личинкалардын *миграциясы* ж-а аскаридалардын ичегиде мителик кылуусу болуп эки фазадан турат: 1-фазада өпкө ж-а боордо өзгөрүүлөр болгондуктан, жөтөл, ал тургай кээде *бронхит, өпкөнүн сезгениши, бору жатыш оорулары*, экинчисинде ичеги-карындын бузулушу, баш оору, урушаактык, уйкунун качышы ж-а акыл ишинин төмөндөшү байкалат. Аскаридалар *ичегинин өткөлсүздүгүнө* ж. б. кабылдап кетүүлөргө дуушар кылат. Оорулуунун заңынан аскаридалардын жумурткасы табылганда гана А. аныкталат. Ооруну айыктыруу үчүн митеге каршы дарылар, кычкылтек ж. б. колдонулат.

АСКАРОВ Тендик (1937-ж. т., Кызыл Өзөгүрүш кыш., Токтогул р-ну) — кыргыз совет сынчысы, философ, коомдук ишмер. Кыргыз ж-а орус тилинде жазат. Кырг-н мамл. ун-тин (1960), Кыргыз ССР ИАнын алдындагы аспирантураны (1963) бүтүргөн; 1964-ж. философия илимд. кандидаты деген ил. даража алган. 1963—66-жж. Кыргыз ССР ИАнын Филос. ж-а укук ин-тунда кенже пл. кызматкер, окутуучу секретарь, 1967-ж. «Кыргызстан маданияты» газетасынын редакторуна орун басар, андан кийин Кырг-н КП БКнын аппаратында жооптуу кызматта иштейт. 1971-ж. Кырг-н ЖСтин башкармасы п ы н бириичи секретарлыгына, СССР ЖСтин башкармасынын мүчөлүгүнө ж-а секретарлыгына шайланат. А. чыг-лык иштин 1957-ж. сынчы катары баштаган. Ал — кыргыз ад-тынын теориялык маселелерине байланыштуу макалалардын, китептердин, о. эле «Адабияттагы көркөм шарттуулуктун эстетикалык табияты» деген философ. эмгектин автору. Кыргыз ССР Жог. Советинин 8—9-шайл. депутаты.



Т. Аскаров.

Чыг.: Көркөм образдар дүйнөсүндө, Фр., 1967; Высокое призвание критики, Фр., 1972.

АСКЕР БӨЛҮҮ — куралдуу күчтөрдүн бардык аскерлеринин ар кандай түрлөрүндөгү өз алдынча күжүрмөн, админ.-чарб. бирдик. А. б. өзүнүн башкаруу органынан, күжүрмөн, атайын ж-а тылдык бөлүкчөлөрдөн турат. Анын аты, номери, туусу болот. Тынчтык күндөрүндө А. б.— жеке составдагыларга күжүрмөн тапшырмаларды берүүгө, теориялык окуулардан өткөрүүгө ылайыкталган тактикалык ж-а өз алдынча уюмдашкан аскерлердин бир тобу. А. б. болгон полк батальондордон (дивизион, эскадрильялардан) түзүлүп, аскердик бирикмеге же Башкы командачыга баш нет.

АСКЕР БӨЛҮКЧӨСҮ — аскердик бирдик; армиянын ар бир түрүндөгү бирдей составдуу туруктуу уюм. Ал ири бөлүкчөлөр м-н бөлүктөрдүн составына кирет [мис., моторлоштурулган аткычтар ротасы (батарея) — батальонго (дивизионго), батальон (дивизион) — полкко]. Ар бир бөлүкчө майда бөлүктөрго [мис., ротада (батареяда) 3—4 взводго] болунөт. Аскер-аба ж-а аскер-деңиз күчтөрүндө да А. б. бар. Сов. А. б. жаңы согуш куралдары м-н куралданган; жылдын ар кандай мезгилинде, климаттын катаал шарттарына карабастан, айбаган тез ылдамдыкта ар түрдүү согуш аракеттерин жүргүзө алат.

АСКЕР ИНСПЕКЦИЯСЫ — аскер түрлөрүн түздөн-түз башкаруу же жог. органдардын тапшыруусу б-ча контролдукту ж-а текшерүүнү жүргүзүү үчүн дайындалган аскер башкармасынын атайын органы. Россияда А. и-я 1-жолу Петр I уюштурган. Капит. көлөрдө жог. полномочиеге ээ болгон жог. аскер башкармасынын аппаратынын составына кируучу А. и. органы ж-а генерал-инспекторлору болот. Сов. куралдуу күчтөрдө А. и. аскерлерди башкаруунун, аскер чарбаларын, согуштук техникаларды ж-а аскердик даярдыктарды контролдукка алуу милдетин аткарат. Инспекциялоо ишин начальниктер, о. эле атайын түзүлгөн комиссиялар, группалар берилген тапшырмалар б-ча жүргүзөт.

АСКЕР КЕМЕЛЕРИ — мамлекеттин АДФына тийиштүү ж-а белгилүү күжүрмөн же атайын милдеттерди орундатууга ылайыкталган кемелер. А. к-нде кайсы мамлекетке таандык экендиги ж-дө белги ж-а АДФтын офицерлеринин тизмесинде жазылган офицер командири болгон экипаж болууга тийиш. Алгачкы А. к. ар кандай формадагы ж-а өлчөмдөгү кичине кайык болгон. Бирок улам барган сайын өркүндөтүлүү м-н 19-к-дын башында биринчи буу кемеси түзүлгөн. 1950-жылда суу астында жүрүүчү атомдук кайыктар ж-а атом энергиялык жасалгалар, ракета-ядролук курал-дар орнотулган атомдук кемелер курулду. Азырку А. к-не буу, дизель, газ турбиналуу же атом кыймылдаткычтары орнотулган. Аткаган иштине жараша алар ракеталык, авиац., артилл., торпедалык же миналык курал-дар м-н жабдылган. Аларды башкаруу, абадагы, суу астындагы кырдаалга байкоо жүргүзүү үчүн радиоэлектрондук ж-а эсептеп чыгаруучу түзүлүштөр м-н камсыз кылынган. Кеменин экипажы каюталарда жайланышат. Бардык АДФтарда, анын ичинде Сов. Союзунда да А. к. согуштук милдеттери, куралданышы ж-а суугa сыйымдуулугу б-ча бири биринен айырмаланган негизги класстарга (суу астындагы кайык, крейсер, эскадралык миноносец, десант кемеси ж. б.) бөлүнөт.

Лит.: Крылов А. Н., Собрание трудов, т. 9—Теория корабля, ч. 1—2, М.—Л., 1948—49.

АСКЕР КИЙИМДЕРИ ЖАНА БУЮМДАРЫ — аскер кызматкерлеринин бирдей формада тигилген кийимдери ж-а буюмдары. Аларга китель, гимнастерка, шым, шинель, баш кийим ж. б. кирет. Сов. Армиянын А. к. ж-а б. 1922-ж. киргизилген, 1924, 1940, 1943, 1958-жылдарда айрымдары өзгөртүлгөн.

СССР Мин. Советинин 1969-ж. июлдагы токтому б-ча, аскер кийимдеринин жаңы үлгүсү бекитилди. Катардагы аскер м-н сержанттарга, аскердик окуу жайлардын курсанттарына ж-а аскердик курулушчуларга параддык форма: лавсан м-н жүн копчулган кездемеден тигилген кайырма жакалуу китель, жашыл койнок, галстук ж-а ботинка м-н кийе турган шым бериле баштады. Авиадесант аскерлери кайырма жакалуу китель, ак-көк сызыгы бар токума чыптама ж-а баштарына көк берет кийишет. Офицерлер м-н мөөнөттөн ашык кызматка калган аскер кызматкерлерине параддык-майрамдык жаңы формасы — көк жашыл (кургактагы аскерлерге) ж-а көк (авиация, авиадесант аскерине) китель, ак койнок, кара же көк галстук, ботинка м-н шым. Маршал, генералдардыкы — жээги саймаланган кайырма жакалуу, эки жагы тең топчулама боз шлеткитель, ак көйнөк м-н кара галстук, көгүш шинель. АДФтын офицерлери м-н мөөнөттөн ашык кызматка калган аскердик кызматкерлер үчүн ак кездемеден тигилген тужурка, кайырма жакалуу куртка ж-а алтын түстүү параддык кур берилет. Сов. куралдуу күчтөрдүн катарындагылар аскердик формасын жоокердик аранамыс м-н тыкандыктын символу катарында өзгөчө барыктан кийишет.

АСКЕР КОЛЛЕГИЯСЫ — СССР Жог. Сотунун коллегияларынын бири. Ал 1924-ж. СССР ж-а союздук респ-калардын Жог. Сотторунун составында түзүлгөн. А. к-нын мүчөлөрү СССР Жог. Сотунун мүчөлөрү сыяктуу эле СССР Жог. Совети тарабынан шайланат. А. к. *аскер трибуналдарынын* иштерине соттук көзөмөлдөө жүргүзөт, тийиштүү уголовный иштерди өздөрү да карай алышат. А. к. өтө маанилүү уголовный ж-а жог. чиндеги офицерлердин кылмыш иштерин карайт. Ага соттук көзөмөлдөөнү СССР Жог. Соту жүргүзөт. А. к-нын иш-аракети СССР Жог. Соту ж-а Аскер трибуналдары ж-дөгү жоболор аркылуу жөнгө салынат.

АСКЕР КОМИССАРИАТЫ — СССРде аскердик мобилизациялоо, аскерге чакыруу, учетко алуу ишин жүргүзүү жерг. аскер башкармасынын органы. А. к. СССР коргоо мин-восунун аскердик мекемеси, о. эле тиешелүү союздук респ-калардын, АССРдин Мин. Советинин, эмгекчилер депутаттарынын обл., шаардык, округдук, райондук Советтеринин бөлүмү да болуп саналат. А. к-нын ишине СССР Куралдуу Күчтөрүнүн Генштабы ж-а А. к. жайгашкан терр-ядагы аскер округунун командачысы жетекчилик кылат. А. к-нын негизги милдети: аскерге чакыруунун даярдоо ж-а жүрүзүү, адам ж-а эл чарба ресурстарын эсепке алуу, жаштарды аскердик милдетти аткарууга даярдоо, гражданды чыныгы аскер кызматына ж-а дарды окутуу жыйынына чакыруунун уюштуруу ж. б. коргонуу чараларын ишке ашыруу.

АСКЕР КОМИССАРЛАРЫ — 1. Куралдуу күчтөрдүн бирикмелериндеги, бөлүктөрүндөгү, мекемелериндеги Коммунисттик партиянын ж-а Совет өкмүнүн өкүлдөрү (1918—42). А. к-ныи мөтүнүн өкүлдөрү (1918—42). А. к-ныи ин-ту Граждөгү согуш убагында түзүлгөн. 1918-ж. 31-марттa БКнын Пленумунда А. к-ныи ролу ж-дө маселе каралып, ал «Совет бийлигинин аркаралыш, ал «Совет бийлигинин аркаралыш, ал «Совет бийлигинин аркаралыш

мекемелердин аймак б-ча жалпы аскердик бирикмеси. А. о-н аскер командачысы башкарат, ал коргоо министрине баш ийет. Ар бир А. о-нун Аскердик совети болот. Мамл. терриянын А. о-дарына бөлүнүшү аскерлерди башкарууга, оперативдүү, күжүрмөн, саясий даярдык жүргүзүүгө, олкону коргоону даярдоого байланышкан чараларды ишке ашырууга ыңгайлаштырылган. Россияда А. о. 1862—64-ж., СССРде Гражд. согуш мезгилинде (1918—20) уюшулган. Куралдуу күчтердүн өнүгүшүнө, Сов. Союзун коргоонун милдетине жараша А. о-дары өзгөрүп турат. А. о. айрым соц. (ГДР, ЧССР ж. б.) ж-а капит. өлкөлөрдө (АКШ, Франция, Бельгия ж. б.) да бар.

АСКЕР ПРОКУРАТУРАСЫ — СССРде аскер кызматкерлери тарабынан закондордун туура ж-а так аткарылышын көзөмөлдөөчү мамл. атайын орган. Ал 1922-ж. уюштурулган. А. п. аскер трибуналына берилүүчү уголовный иштерди тергейт. Аскер мекемелеринде ж-а бардык аскер бөлүктөрүндө соц. закондуулук жүзөго бирдей ашырылышына көз салат. А. п. адегенде аскер трибуналдарынын алдында; 1926-жылдан баштап бардык аскердик округдарда, корпустарда, дивизияларда уюштурулган. 1933-ж. декабрда Башкы А. п. түзүлгөн. 1946-жылдан СССР Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы А. п. деп аталып, кийин 1950-ж. Сов. Армиянын Башкы А. п. болуп башка-башка аталды. СССРде А. п. аскер жетекчилерине баш ийбейт, СССР Прокуратурасынын бирдиктүү системасына кирет. Аскер прокурору кабыл алган чечимге нааразы тарап А. п-нын жог. органына даттанууга акылуу.

АСКЕР СҮРӨТЧҮЛӨР СТУДИЯСЫ М. Б. Греков атындагы (1965-жылдан М. Б. Греков атн. Кызыл Жылдыз ордендүү аскер сүрөтчүлөрүнүн студиясы) — сов. аскер сүрөтчүлөрүнүн коллективи. Бул 1934—35-ж. түзүлүп, М. Б. Грековдун ысмына коюлган. 1943-жылдан Сов. Армиянын ж-а АДФтын Башкы саясий башкармасына карайт. Студия адегенде Кызыл Армиянын өз демилгелүү чыглыгын оркүндөтүү үчүн уюштурулуп, 1940-жылдан профессионал сүрөтчүлөр м-н толуктала баштаган. Негизги милдети — аскерлерди маданий-саясий жактан тарбиялоо ж-а Сов. Армиянын баатырдык иштерин ж-а азыркы турмушун чагылдырып көрсөтүү.

АСКЕР ТАРТИБИ — аскердик закондо ж-а уставда белгиленген тартип м-н эрежени бардык аскер кызматындагылардын бузбай так сакташы. Сов. Куралдуу Күчтөрдүн А. т. зордукка же опузага таянбайт, ал ар бир аскер кызматкери өзүнүн соц. Мекенин коргоону жоокердик ыйык милдетим деп сезгендигине таянат. А. т. ж-дегү Куралдуу Күчтөрдүн уставы СССР Жог. Советинин Указы м-н бекитилет. А. т. ар бир жоокерден законду, аскердик антты, уставдык талаптарды, начальниктердин приказдарын так аткарууну талап кылат. Куралдуу Күчтөрдө А. т-н ачсезимдүү сактоодо жоокерлерди саясий жактан тарбиялоонун маанисин зор.

«АСКЕР ТОПОГРАФТАРЫ» ЧОКУСУ — Борб. Тянь-Шанда, Боз-Кыр (Какшаал тоо системасынын түп.-чыг. учу), Ак-Тоо кырка тоолорунун кошулган жеринен орун алган пирамида тибиндеги чоку. Бийикт. 6873 *м*. Сланец, аки таш теги, мрамор ж-а гранит тоо тектеринен турат. Түн. ж-а түн.-чыг. капталдарында Түш. Эңилчек, батышында Жылдызча, түштүгүндө (Кытай тарабынан) Темир-Суу моңгулору жатат. 1943-ж. сентябрда П. Н. Рапасов жетекчилик кылган аскер топографтары ачып, бийиктигин аныктаган. Чокуга 1-болуп 1965-ж. 15-августа Каз-н альпинисттер клубунун мүчөлөрү чыгышкан.

АСКЕР ТРИБУНАЛДАРЫ — СССР Куралдуу Күчтөрүндө сот адилеттигин жүзөго ашыруучу соттор. А. т. сот органдары ж-дегү жоболор негизинде түзүлүп, СССРдин бирдиктүү сот системасына кирет. Ал өз ишин 1958-ж. 28-декабрда СССР Жог. Совети кабыл алган А. т. ж-дегү жобого ылайык жүргүзөт. А. т. СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн согушка даярдыгын жөндөмдүүлүгү, аскердик тартиптин сакталышы ж-а аскердик кызматтын талаптагыдай аткарылышы үчүн күрөшөт. А. т. аскер кызматкерлеринин, о. эле укугу б-ча аларга теңештирилген кишилердин ж-а тыңчылык (шпиондук) кылгандардын иштерин (кылмышты ким жасаганына карабастан) карайт. Согуш кырдаалында өзгөчө абалга байланыштуу айрым жерлерде жалпы сот органдары иштебей калышы мүмкүн. Анда А. т. уголовный ж-а гражд. иштердин бардыгын карай берүүгө укуктуу. А. т-нын мүчөлөрү СССР Жог. Советинин Президиуму тарабынан 5 жылга шайланат. А. т-нын жог. органы — СССР Жог. Соту.

АСКЕР ТУУСУ — аскердик ар-намыстын, эрдиктин ж-а даңктын символу. Ал — учунда кыма асталган узун каскакка (таякка) бекитилген белгилүү өлчөмдөгү ж-а түстөгү кездеме. А. т. байыркы заманда эле колдонулган. Байыркы славяндарда ал желек деп аталуучу. Аны көтөрүү согушка аттанууну билдирген. А. т. Россияда 15-к-дын аягында киргизилген. Кызыл Армиянын бөлүктөрүндө 1918-ж. пайда болгон. СССР Жог. Советинин Президиуму 1942-ж. 21-декабрда Кызыл Армиянын аскердик бөлүктөрүнүн; 1943-ж. 11-июнда Гвардиялык армия м-н Гвардиялык корпустун; 1944-ж. 5-февралда АДФтын бөлүктөрү м-н бирикмелеринин Кызыл Тууларынын жаңы үлгүлөрүн ж-а алар ж-дегү жоболорду бекиткен. Аскердик Кызыл Туу аскердик бөлүк түзүлгөн соң СССР Жог. Советинин Президиумунун атынан Грамота м-н кошо тапшырылат ж-а ал бөлүктө түбөлүк сакталат. А. т. бөлүктүн наамы ж-а номери өзгөрсө да, ошол бөлүктө дайыма кала берет. Эгерде А. т. жоголсо, бөлүк таркатылат да, ал бөлүктүн командири ж-а күнөөлүү адамдар аскер трибуналынын сотуна берилет. Сов. Армиянын бөлүктөрүнүн, бирикмелеринин А. т. эки жагы тең кызыл түстөгү кездемеден, каскактан ж-а түпөгү бар боодон турат. А. т-нун бир жак бетинин ортосуна орок ж-а балка, анын жог. ж-а төмөнкү четтерине «Биздин Советтик Родина үчүн!» деген сөздөр түстүү жип м-н, экинчи бетинин дал ортосунда жип м-н жылдыз саймаланып, анын алдына алтын түстүү жибек м-н бөлүктүн номери, наамы жазылат.

АСКЕР ТҮРЛӨРҮНҮН БАШКЫ МАРШАЛЫ — Сов. Куралдуу Күчтөрдөгү аскердик жог. наам. Ал аскер түрлөрүнүн ж-а атайын аскерлердин маршалдарына (артиллериянын, авиациянын, брондуу танк аскерлеринин, инженердик, байланыш аскерлеринин) жекече берилет ж-а Сов. Союз. Маршалы деген наамга барабар; 1943-ж. 9-октябрда киргизилген. Улуу Британияда да авиациянын башкы маршалы деген наам бар.

АСКЕР УКУГУ — куралдуу күчтөрдүн түзүлүш принциптерин ж-а формаларын чыңдоочу, аскер курулушунун турмушун ж-а иш жүргүзүү тартибин, аскер кызматкерлеринин жоопкерчилигин, укуктары м-н милдеттерин аныктоочу, аскердик курулуштагы жалпы эле укуктук мамилелерди жөнгө салуучу укук нормаларынын системасы. А. у-нун таасирлери согуш мезгилинде же согуштук абал жарыяланган жерлерде, согушка эң керектүү эл чарбасынын тармактарына, транспортко, коомдук тартипти сактоо ж-а мамлекеттин коопсуздугун коргоо чөйрөсүнө кеңири таркайт. Аскердик курулушту жөнгө салуучу закондор укуктун ар кайсы тармактарынын нормаларынан түзүлгөн. Ошону м-н бирге аскер закондору — өз ара тыгыз байланыштуу укук нормаларынын системасы. А. у-нун негизги булактары — СССР Конституциясы, жалпыга бирдей аскерге милдеттүүлүк ж-дегү СССРдин закону (1967-ж. 12-окт.), аскердик турмушту жөнгө салуучу уставдар, СССРдин коргоо министри бекиткен колдонмо, инструкция, эрежелер, аскердик кылмыштар үчүн уголовный жоопкерчилик ж-дегү закон, Аскер прокуратурасы ж-а Аскердик трибуналдар ж-дегү жоболор.

АСКЕР-АБА КҮЧТӨРҮ (ААК) — мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн бир түрү. Ал оперативдүү стратегиялык милдеттерди аткарууда өз алдынча да ж-а куралдуу күчтөрдүн башка түрлөрү м-н биримдикте да аракеттенет. Жог. маневрдүүлүгү бар ААК

душмандын авиациялык, ракеталык, кургактагы ж-а деңиздеги группировкаларына ыкыс келтирүүгө, анын тылдагы маанилүү согуш объектилерин кыйратууга жөндөмдүү, кургактагы аскерлердин ж-а *Аскер-деңиз флотунун* операцияларына жардам даша алат, куралдуу күчтөрдүн бардык түрлөрүнүн таламдарына жараша абадан чалгындоо жүргүзөт, чоң-чоң аба десанттарын курал-жарактары м-н кошо ташып жеткирет. СССРдин ААКы авиациянын 3 түрүнөн турат: ыраакы (стратегиялык), фронттук ж-а аскер-трансп. Деңиз авиациясы ж-а аба чабуулунан коргоочу авиация отколдун өздөрүнүн составына кирет. ААК өтө бийиктикте ж-а ылдам учуучу, үндөн тез ылдамдыктагы ар түрдүү самолеттор, о. эле вертолеттор м-н куралданган. Ири капит. өлкөлөрдүн ААКы стратегиялык, тактикалык ж-а аскер-трансп. авиациядан турат. АКШда булардан сырткары, континент аралык баллистикалык ракеталар бирикмелери ж-а аскердик космос куралдары да бар. АКШ, Улуу Британия, Франция АДФтарынын өзүнчө авиациясы бар. Көп өлкөлөрдүн ААКы уюштуруу жагынан оперативдүү авиац. бирикмелерден ж-а бөлүктөрдөн, тыл м-н байланыштыруучу ж-а радиотех. м-н камсыз кылуучу бөлүктөрдөн турат.

ААКтын тарыхы авиац. техниканын өнүгүшү м-н байланыштуу (к. *Авиация*). Ири капит. өлкөлөрдө аскердик самолеттор 1909—10-ж. пайда боло баштаган. Россияда самолеттор аскердик максатта 1911-ж. чалгындоо үчүн 1-жолу пайдаланылды, уруш майданында 1912—13-жылдардагы *1-Балкан согушунда* колдонулду (Россия анда Болгария тарабында согушкан). 1-дүйн. согуш убагында бомбалоочу ж-а истребитель самолеттору чыгарылып, авиац. бирикмелер *(эскадра, бригада)* түзүлгөн.

Сов. ААК 1918-ж. курулду. Гражд. согуш мезгилинде түзүлгөн авиаотряддар санынын аздыгына карабастан Кызыл Армиянын жеңиштерине өз үлүшүн кошту. Компартия ж-а Совет өкмөтү авиация о. ж-ын оркүндөтүү ж-а учкучтарды даярдоо б-ча маанилүү иш-чараларын жүзөго ашырды. Ошонун патыйжасында сов. ААКтын кубатын арттыруу маселеси чечилди. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде биздин ААК вор кубаттуу күчкө айланды. Алар куралдуу күчтөрдүн башка түрлөрү м-н эришаркак болуп аракеттенип, күрдөлдүү согуш операцияларын жүргүзүүдө маанилүү роль ойноду. Душмандын ири группировкаларын, стратегиялык о. ж. объектилерин талкалады. Согуштан кийинки мезгилде реактивдүү самолеттор, ракеталар ж. б. куралдар м-н жабдылган сов. ААК жоокердик аракеттер м-н операциялардын бардык түрлөрүнө ийгиликтүү катышууга мүмкүнчүлүк алды.

Ад.: Советские Военно-Воздушные Силы в Великой Отечественной войне 1941—1945 гг., М., 1968; Военно-воздушные силы, М., 1959.

АСКЕРГЕ МИЛДЕТТҮҮЛӨРДҮН ЗАПАСЫ — аскердик үчөтө турган, армиянын катарында милдетин өтөп келген же ар түрдүү себеп м-н ага барбай калган, бирок согуш убагында жоокердик милдетин аткарууга жарактуу адамдар. Армия ж-а флоттун запасындагы 18—50 жаштагы граждандар аскерге милдеттүү деп саналат же армия м-н флоттун кадрларында, мезгилдүү жыйындар аркылуу аскердик үюмдардан тышкары аскердик кызматтан өтөт, о. эле медициналык же башка атайын маалыматы бар аскердик учётко алынган 19—40 жаштагы аялдар да аскерге милдеттүү, алар окуу жыйындарына тартылып, өз ыктыяры м-н чыныгы аскердик кызматка кабыл алынышы да мүмкүн.

АСКЕРГЕ ЧАКЫРЫЛУУГА ЧЕЙИНКИ ДАЯРДЫК — аскерге чакырылуучу уландарга чакырылганга чейин берилүү таалим. Муну киргизүү ж-дө 1923-ж. 8-августа БАК ж-а ЭКС атайын декрет кабыл алган. Мындай даярдыкка: аскердик-патриоттук тарбия, тийиштүү программа б-ча башталгыч аскердик даярдык, ушул даярдыктын сапатын көтөрүү, чакырылуучуларга орус тилин үйрөтүү, саламаттыгын чыңдоо чаралары, дене тарбия даярдыгы, спорттук, аскердик-прикладдык техниканын түрлөрүн үйрөтүү кирет. Күндүзгү окуу жайларда окубаган уландар аскердик башталгыч даярдыкты ишканаларда, мекемелерде, үюмдарда ж-а колхоздордо түзүлгөн окуп-үйрөнүү пункттарынан өтүшөт.

АСКЕР-ДЕҢИЗ РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ КОМИТЕТИ (АДРК) Улуу Окт. революциясынын жеңиштерин коргоого флоттун күчтөрүн мобилизациялоо ж-а АДФты башкарууну кайра куруу үчүн В. И. Ленindин демилгеси б-ча 1917-ж. 26-октябрда (8-нояб.) Петроградда түзүлгөн. Ал Петроград ревчыл аскер комитетине баш ийген. 5(18)-ноябрда комитет кайрадан уюштурулуп, ага чечүүчү добуш м-н «Он кишинин коллегиясы» жетекчилик кылган; кеңеш берүүчү добушка ээ болгон калган мүчөлөрү секцияларга бөлүштүрүлгөн. АДРК агитаторлордун отряддарын ж-а топторун уюштуруп, өлкөнүн түрдүү райондоруна жиберип турган, контррев-чыл подпольеге ж-а саботажга каршы күрөшкөн. Бүткүл росс. аскер флотунун съездинде ББАКтын деңиз секциясы түзүлгөндүктөн, комитет өз милдетин орундаткан катары 1917-ж. 26-ноябрда жоюлган.

АСКЕР-ДЕҢИЗ ФЛОТУ [АДФ, айрым өлкөлөрдө Аскер-деңиз күчтөрү (АДК) деп аталат] — куралдуу күчтөрдүн түрү; ал океандар м-н деңиздерде жүргүзүлүп жаткан согуш аракеттерин стратегиялык ж-а оперативдик жактан жүзөго ашырат. АДФ милдеттерин өз бет алдынча ж-а куралдуу күчтөрдүн башка түрлөрү м-н бирге да орундатат. Азыркы учурдагы АДФ душмандын жердеги негизги объектилерин талкалоого, анын флотунун деңиздеги ж-а базалардагы күчтөрүн жок кылууга, кургакта согушкан аскерлерди колдоого, деңиз десанттарын түшүрүүгө ж-а душмандардын деңиз десанттарын түшүрүшүнө каршы аракеттенүүгө, океан, деңиздеги душмандын коммуникацияларын бузууга, өзүнүн деңиздик коммуникацияларын сактоого мүмкүнчүлүгү бар. АДФ согуштук милдеттерин деңиздик операциялар м-н чечет. Сов. АДФ төмөндөгүдөй түрлөрдөн турат: *суу астында жүрүүчү кайыктар, аскер-деңиз флотунун авиациясы*, суу үстүндө жүрүүчү кемелер, жээктеги ракета-артилл. аскерлер ж-а деңиз жөө аскерлери. Суу астында жүрүүчү кайыктар ж-а АДФтын авиациясы анын башкы күчү болуп саналат. Суу астында жүрүүчү кайыктар ракеталык ж-а торпедалык, атомдук ж-а дизелдик болуп бөлүнөт. Алар аласка атылуучу ракеталар м-н куралданып, суу астынан атууга ыңгайлашкан келип, ядролук же кадимки дүрмөттөрү бар өзү мээлөөчү тор-

Советтик АДК: 1. Суу астында жүрүүчү кайыкка каршы коргоочу корабли. 2. Суу астында жүрүүчү атомдук кайык. 3. Эскадралык тральщик. 4. Ракеталык катер. 5. Авианосец. 6. Кароолдоочу корабль.



педалар м-н жабдылат. АДФ авиациясынын карамагында деңизде ракета алып жүрүүчү, суу астындагы кайыктарга каршы чалгындоочу авиация ж-а атайын дайындалган авиация болот. Анын негизги милдети — душмандын суу астында жүрүүчү кайыктарын, суу үстүндө жүрүүчү кемелерин, транспортторун жок кылуу. Суу үстүндө жүрүүчү кемелер душмандын суу астындагы кайыктарын пзден табуу ж-а кыйратуу, суу үстүндөгү кемелери м-н согушуу, жээктерге деңиз десанттарын түшүртпөө, миналарды издөө, аларды залынсыздандыруу д. у. с. милдеттерди аткарат да, ракеталык, суу астында жүрүүчү кайыктарга каршы аракеттенүүчү, артиллериялык, торпедалык, десанттык ж. б. класстарга бөлүнөт. Жээктеги ракеталык-артилл. аскерлер өлкөнүн жээктерин ж-а флоттун (фронттун) жээктеги маанилүү объектилерин душмандын деңизден кол салуусунан коргоого дайындалат. Деңиз жөө аскерлери өзүнчө ж-а деңиз десанттарынын составында, кургактагы аскерлер м-н бирге аракеттенет; өзүнүн атайын курал-жарактары ж-а ар түрдүү сүзүп жүрүүчү согуштук техникасы болот. Сов. АДФ уюштурулушу жагынан Түн. ж-а Тынч океан, Кара деңиз ж-а Балтика флотторунан, Каспий флотилиясынан, деңиз авиациясынан, деңиз жөө аскерлери м-н жээк артиллериясынан турат. Соц. өлкөлөрдүн АДФы түрдүү максаттагы суу үстүндө жүрүүчү кемелерден ж-а суу астындагы кайыктардын деңиз авиациясы м-н деңиз жөө аскерлеринин бөлүктөрүнөн турат. АКШнын, Улуу Британиянын, Франциянын АДФы сокку уруучу, кемелерге каршы аракеттенүүчү, амфибиялык ж. б. күчтөрдөн турат.

Ад.: Яковлев В. Д., Советский Военно-Морской флот, 2 изд., М., 1969; История Вел. Отеч. войны Советского Союза 1941—45, т. 1—6, М., 1963—65; Организация и вооружение армий и флотов капит. государств, 2 изд., М., 1968.

АСКЕР-ДЕҢИЗ ФЛОТУНУН АВИАЦИЯСЫ (АДФА) — *Аскер-деңиз флотунун* деңиздерде, океандарда болуучу согуштарда өз алдынча же флоттун күчтөрүнүн башка түрлөрү м-н, о. эле өлкөнүн абадан коп салуусуна каршы коргонуу (ПВО), фронтко жакын истребителдик ж-а алыскы жердеги авиациясы м-н өз ара биргелешип күжүрмөн тапшырмаларды аткаруучу маневрдүү негизги күчтөрүнүн бири. Айрым учурларда АДФа деңиз жээктериндеги жөө аскерлерге жардамдашып, деңиз жээктериндеги райондорго десанттар түшүрүүну камсыз кылат. Уюмдашуусу жагынан АДФа деңизде ракета алып жүрүүчү авиация бөлүктөрүнөн, кайыктарга каршы аскер бөлүктөрүнөн ж-а авиациянын башка түрлөрүнөн турат. Бир катар чет мамлекеттерде деңиз авиациясы АДКтын карамагына кирет. Россияда флот м-н бирге аракеттенген авиац. бөлүктөрү 1-жолу 1912—14-ж. Балтика м-н Кара деңиз флотторунда түзүлгөн. 1-дүйн. согуш мезгилинде Кара деңиз флотунда гидросамолеттордун бөлүктөрү аба чалгындоосун жүргүзүүгө катышкан. СССРде регулярдуу деңиз авиац. бөлүктөрү 1918-ж. түзүлүп, Граждөн согушта деңиздерде, дарыяларда болгон салгылашууларда жөө аскерлер, кораблдер м-н бирге аракеттенишкен. 1920-жылдын 2-жарымында деңиз авиациясынын составы чалгынчы, бомбалоочу истребителдик самолеттор м-н толукталат. 1930-жылдардын ортосунан баштап, Балтика, Кара деңиз ж-а Тынч океан флотторунда АКК түзүлгөн. 1938—40-ж. деңиз авиациясы СССРдин Аскер-деңиз флотунун негизги бир бөлүгү болуп калды. Улуу Ата Мек. согуштун алдында АДФА сан ж-а сапат жагынан жогорулап (Тынч океан флотун кошпогондо), аның карамагында 1445 самолет болгон. Согуш жылдарында АДФтын башка күчтөрүнө салыштырганда АДФа душманга 2 эседен көп зыян келтирген. АДФтын 17 авиац. бөлүгү гвардиялык болуп кайрадан түзүлгөн. 241 адамга Сов. Союз. Баатыры деген ардактуу наам берилген (5 учкуч 2 жолу алган). Согуштан кийинки жылдарда АДФа ракета алып жүрүүчү, кемелерге каршы колдонуучу ж-а чалгындоочу самолеттордун эң жаңылары м-н толукталууда.

Ад.: Шугинин А. М., Боевой путь морской авиации, «Морской сборник», 1966, № 8, 9, 12.

АСКЕРДИК АНТ — СССР Куралдуу Күчтөрүнүн катарына кызмат өтөөгө чакырылган сов. граждандардын салтанаттуу убадасы; Мекенге, элге, Коммунисттик партияга берилгендигин билдирүү. Жоокер Мекенинин ар-намысын, эркиндигин, коз карандысыздыгын коргоого, коммунизмдин жеңишн ж-а айкын максаты үчүн ак ниет болууга А. а. берет. Анттын текстин СССР Жог. Советинин Президиуму бекитет. Мамлекеттин аскердик күч-кубатына зыян келтирип, чыккынчылык кылып, А. а-ты бузгандар сов. закондун эң катуу жазасына тартылат. Жаш солдаттар, матростор баштапкы даярдыкты өткондон кийин, эки айлык моонот ичинде А. а. беришет. Ант берүү болуктун командирнин жетекчилиги м-н салтанатуу өткөрүлөт.

АСКЕРДИК БАСМА СӨЗ — негизинен аскер кызматындагы окурмандарга арналган мезгилдүү басма сөз. А. б. с. мат өтөгондөрдү саясий, аскердик, маданий жактан тарбиялоонун ж-а аскердик билимди таратуунун эң маанилүү куралы. 1905—07-жылдагы орев-я учурунда большевикчил А. б. с. китептерди чыгаруу тажрыйбасы Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоодо пайдаланылды. 1917-ж. өтө кенири тараган газета «Солдатская правда» (1917—18) болгон. 1918—20-жылдагы Гражд. согуш ж-а чет олколук интервенция убагында сов. А. б. с. өзүнүн беттеринде согуш маселелерин чагылдыруу м-н бирге соц. Ата Мекенди коргоо ж-догу лениндик идеяларды калкка ж-а армияга түшүндүргөн. 1924-ж. борб. аскер газетасы «Красная авезда» чыга баштады. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде аскердик адтарды басып чыгаруу фронттордогу абалга ылайык кайрадан түзүлгөн. СССРде 15 борб. аскердик журнал (1971) чыгарылат, алардын ичинде аскердик-саясий ж-а адабий-көркөм «Коммунист Вооруженных Сил», «Советское военное обозрение» (англ. ж-а франц. тилдеринде), «Старшина—сержант», «Советский воин» ж-а булардан башка да округдук ж-а флоттук газеталар да чыгарылат.

АСКЕРДИК ВЕТЕРИНАРИЯ КЫЗМАТЫ — Сов. Армиянын малдуу, унаалуу, көлүктүү бөлүктөрүндө вет. иштин жүргүзүү атайын кызмат. Мунун милдети: армиянын кошундарында, бөлүктөрүндө унаалы, малды, сактчы, койчу иттерди ылаңдан сактоо ж-а алардын ылаңдаганын, жарадар болгондорун айыктыруу.

АСКЕРДИК ГИГИЕНА — гигиенанын бир тармагы. Организмге түрдүү терс таасир тийгизүүчү шарттарды изилдөө, аскер ж-а аскер-деңиз кызматындагылардын ден соолугун чыңдоо м-н согушка жөндөмдүүлүгүн арттыруу жолун иштеп чыгат ж-а санитардык жактан тейлоону камсыз кылат. А. г. аскерлердин турмуш шартын, жайгашуусун, ичүүчү суусун, тамак-ашын ж-а согуш техникасынын, курал-жарактардын аларга тийгизген таасирин изилдеп, оорулардын ж-а кокустуктардын алдын ала эскертүү чараларын так колдонууну талап кылат. Азыр ядролук, хим. ж-а бактериялык курал-жарактар жасоо, аны колдонуу коркунучу турганда, алардан коргонуу үчүн жасалган жайлардын санитардык талабын А. г. иштеп чыгарат.

АСКЕРДИК ЖАШЫРУУН СЫРЛАР — 1) аскер ишине тиешелүү мамл. чоң маанидеги маалыматтарды сактоо эрежелери; 2) мамлекет тарабынан атайлап жашыруун сактала турган аскер ишине тиешелүү маалыматтар. Укук регламентациялоо жагынан А. ж. с-ды белгилүү бир тартипте кармоо укугу мамл. жашыруун сырларды сактоо максатында белгиленген жалпы жоболорго негизделет ж-а аскердик закон чыгаруунун атайын нормалары м-н аныкталат.

АСКЕРДИК КЫЛМЫШТАР — аскер кызматында жүргөндөрдүн же аскер окуу жайында окугандардын аскердик кызматты аткаруу тартибине сыйбаган аракеттери. А. к. атайын закондо ж-а Кыргыз ССР УКнын тиешелүү статьяларында көрсөтүлгөн. Аскер тартибин бузуу, аскерде кызмат өтөөдөн баш тартуу, аскер мүлктөрүн ысырап кылуу ж-а жоготуу, кароолчулук кызматтын уставдагы

эрежелерин бузуу, аскердик сырды жарыя кылуу, колго түшкөн туткундарга мамиле кылуу тартибин, о. эле чек аралык кызматты аткаруу эрежелерин сактабоо өңдүү кылмыштар А. к-га кирет. А. к. үчүн тийиштүү жазалар белгиленип, оор кылмыштар үчүн кээде өлүм жазасы берилет.

АСКЕРДИК МЕДИЦИНАЛЫК КЫЗМАТ — СССР Куралдуу Күчтөрүнүн атайын кызматтарынын бири. Аскер кызматкерлеринин ден соолугун сактоону, аларды мед. жактан системалуу тейлөөнү жүзөгө ашырат. Тынчтык мезгилде аскер бөлүктөрүндө дарылоо, оорунун алдын алуу жумуштарын жүргүзөт; аскер кызматкерлерини күжүрмөн ж-а атайын даярдыктан өтүүлөрүн уюштурат; мед. 1-жардам көрсөтүүнүн ыктарын ж. б. үйрөтөт. Согуш убагында жарадарлардын өмүрүн сактоо, алардын саламаттыгын калыбына келтирүү үчүн күрөшөт. Ас. м. к. полктун мед. пунктунан баштап уюштурулат. Полктордун ж-а дивизиянын составына кирген айрым бөлүктөрдүн мед. күчтөрү ж-а каражаттары дивизиянын Ас. м. к-ты түзөт. Дивизияда мед.-сан. батальон же лазарет иштейт. Ас. м. к-тын стационардык мекемелеринин тармактары, поликлиникалары, дем алуу үйлөрү ж. б. болот. Аның жалпы ишине СССР коргоо мин-восунун Борб. аскердик-мед. башкармасы жетекчилик кылат.

АСКЕРДИК МУЗЫКА — атайын аскер темасында жазылган ар түрдүү жанрдагы муз. чыгармалар. А. муз. кызматтык машыгуулар өткөрүлгөндө, согуштук аракеттерге ж-а аскердик официалдуу салтанатка (парад) арналып аткарылат. Соц. өлкөлөрдө А. муз. жалпы муз. иск-во м-н тыгыз байланышта өнүгүп, элдин патриоттук демилгесин, аскерлердин каармандыгын, эрдигин чагылдырат ж-а дацазалайт. А. муз. оркестр жө айрым аткаруучулар, ансамблдер (сурнайчылар ж. б.) тарабынан аткарылат. А. муз-га аспаптык чыгарлардан башка аскердик хорлор да кирет. А. муз-нын башкы жанры — марш, к. *Марш.*

АСКЕРДИК НААМДАР кызмат абалына, сиңирген эмгегине, атайын ж-а аскердик даярдыгына, аскерлердин тигил же бул түрүнө же аткарган кызматына ылайык армиянын ж-а флоттун аскер кызматчыларынын ар бирине жекече берилет. Азыркы кезде СССР Куралдуу Күчтөрүндө аскер кызматын өтөп жаткандарга эрежеге ылайык төмөндөгү А. н. берилет:

Советтик Армия (Кургактагы ж-а Аскер-Аба Күчтөрү)	Аскер-деңиз флоту
Солдаттар:	Матростор:
Катардагы солдат	Катардагы матрос
Ефрейтор	Старший матрос, Ефрейтор
Старшиналар ж-а сержанттар:	
Кенже сержант	2-статьядагы старшина, кенже сержант
Сержант	1-статьядагы старшина, сержант
Старший сержант	Башкы старшина, старший сержант
Старшина	Кораблдин башкы старшина, старшина
Прапорщиктер ж-а мичмандар:	
Прапорщик	Мичман
Кенже офицерлер:	
Кенже лейтенант	Кенже лейтенант
Лейтенант	Лейтенант
Старший лейтенант	Старший лейтенант
Капитан	Капитан-лейтенант, Капитан
Старший офицерлер:	
Майор	3-рангдагы капитан, майор
Подполковник	2-рангдагы капитан, подполковник
Полковник	1-рангдагы капитан, полковник
Генералдар, адмиралдар ж-а маршалдар:	
Генерал-майор	
Авиациянын генерал-майору	Контр-адмирал, генерал-майор
Авиациянын генерал-лейтенанты	Вице-адмирал, генерал-лейтенант
Генерал-лейтенант	
Генерал-полковник	Адмирал, генерал-полковник
Авиациянын генерал-полковниги	
Аскер түрлөрүнүн маршалы	
Авиация маршалы	
Армиянын генералы	Флот адмиралы
Аскер түрлөрүнүн Башкы маршалы	
Авиациянын Башкы маршалы.	
Советтер Союзунун Маршалы	Советтер Союзунун Флот Адмиралы
Советтер Союзунун	Генералиссимусу

Старшина, мичманга чейинки наамды аскер округунун (флотунун) командиринин буйругу м-н; кенже ж-а старший офицердик наамды СССР Коргоо министрнинн, аскер түрлөрүнүн башкы командачысынын буйругу м-н, генерал ж-а адмирал наамдарын СССР Мин. Советинин чечими б-ча; Сов. Союз. Генералиссимусу, Сов. Союз. Маршалы м-н Сов. Союз. Флот Адмиралы, аскер түрлөрүнүн маршалы м-н Башкы маршалы, армиянын генералы деген наамдар СССР Жог. Советинин Президиумунун Указы б-ча берилет.

АСКЕРДИК ОКУУ ЖАЙЛАР куралдуу күчтөрдүн бардык түрлөрү үчүн командирлерди, саясий, инженер-техникалык ж-а атайын кадрларды даярдайт. СССРдеги А. о. ж-га аскердик академиялар, аскердик жогорку ж-а орто окуу жайлары, гражд. жогорку окуу жайлардагы аскердик ф-тет кирет; армия м-н флоттун составындагы офицерлерди даярдоочу же кайра даярдоочу курстар да болот. Россияда 18-к-дын аягында жогорку А. о. ж. академиялар түрүндө уюштурулган. СССРде А. о. ж-ның пайда болушу сов. куралдуу күчтөрдүн түзүлүшү м-н өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу. Өлкөбүздүн аскердик академияларына тиешелүү адистик берүүчү А. о. ж-ын бүтүргөн ж-а аскер болуктөрүнө белгиленген, жумуш стажысын өтөгөн офицерлер кабыл алынат. Аскердик жогорку окуу жайларынын башка түрлөрүнө армияда ж-а флотто кызматын өтөп жүргөндөр м-н аскерде эмес граждандар да киришет. Гражд. жогорку окуу жайларынын аскердик ф-теттерин бүтүргөндөр аскердик жогорку атайын билим м-н бирге тиешелүү адистик да алат. Аскердик атайын орто окуу жайларына 23 жашка чейинки ыктыярдуулар алынат. А. о. ж-ын бүтүргөндөргө жогорку же орто аскердик билим алганы ж-дө жалпы союздук үлгүдөгү дипломдор ж-а төшкө тагынчу белгилер тапшырылат да, офицерлик наам (мурун албагандарга) берилет.

АСКЕРДИК ПСИХОЛОГИЯ — психология илимнин тармагы. Аскер турмушунун шарттарындагы адамдын жүрүш-турушун, аскер башкаруудагы аракеттерин, аскердик тарбиянын ж-а окутуунун психол. жактарын, «психол. согуштун» методдорун ж. б. изилдейт. Согуштун татаал шарттарында абалды ж-а ошол абалда эрк аракеттерди м-н ойлонуу операцияларынын жүзөго ашырылышына тийгизген таасирин үйрөнүүнүн А. п. үчүн чоң мааниси бар. Согуш техникасы улам татаалданган сайын, аны башкаруудагы адамдын факторлорун изилдеп билүү чоң роль ойнон жатат. Бул болсо А. п-ны *инженердик психологияга* жакындаштырат. А. п. атайын илимдин тармагы катары 1-дүйн. согуштун алдында бөлүнүп чыккан, ал эми 2-дүйн. согуштан кийин айрыкча өнүктү.

АСКЕРДИК СОВЕТ — СССР Куралдуу Күчтөрүнүн түзүлүшүндө, аскер округдарында (флоттордо), аскердик группаларда жетекчиликтин коллективдүү органы. Булардын командачысы А. с-тин пред-ли болуп саналат. Респ-каның компартиясының, партиянын обкомунун, крайкомунун секретарлары, командачының 1-орун басарлары, штабдын начальниги ж. б. ага мүчө болуп кирет. 1918-ж. 13-июнда ЭКСтин токтомунун негизинде респ. Чыл А. с. (РВС) болуп түзүлгөн. Согуш журүп жаткан жерде аларга мамл. бийлик органдарынын бардык функциясы берилет.

АСКЕРДИК ТАЛАА ТЕРАПИЯСЫ — аскер медицинасынын бир тармагы. Аскер кызматкерлеринде учуроочу оорулууларды дарылайт. Анын негизги милдети: согуш шартында ички оорунун себептерин, белгилерин, өзгөрүүлөрүн, жарадар болуунун дартка тийгизген таасирин байкап, алдын ала өз убагында дарылоо. Мед. эвакуациянын этаптарында көрсөтүлүүчү

терапиялык жардам согуш шартына, мед. эвакуация этаптарынын жайланыуу өзгөчөлүктөрүнө, ага түшкөн ооруларды түрүнө ж-а санына, аба ырайына, врачтардын квалификациясына байланыштуу болот.

АСКЕРДИК ТАЛАА ХИРУРГИЯСЫ — аскер согуш иштеринин түрдүү шарттарында жарааттуу ж-а аныи клиникалык жүрүшүн изилдөөчү, жарадарларды дарылоону уюштуруучу аскердик медицина тармагы. Мед. этаптарда дарылоо жарадарларды эвакуация (жөнөтүү) аракеттери м-н айкалыш жүргүзүлөт. Жарадар согуш талаасында 1-мед. жардам алат. Башталган дарылоо кийинки этаптарда үзгүлтүксүз улантылат. Согуш жүрүп жатканда, хирургиялык жардам берүү кыйындайт. А. т. х-да дарылоо аракеттерине караганда уюштуруу маселелери чоң мааниге ээ. Ата Мекенибиздин А. т. х-на орус хирургу Н. И. Пирогов негиз салган. А. т. х. өзүнчө өзгөчөлүгү болсо да, өз өсүшүнө жалпы медицинаныи ж-а хирургиянын жетишкендиктерин кеңири пайдаланат, к. *Аскердик медициналык кызмат.*

АСКЕРДИК УРМАТТОО — аскер кызматындагылар ж-а аскер бөлүктөрү тарабынан урмат (сый) көрсөтүү. СССРде А. у. СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-ли, СССР Мин. Советинин Пред-ли, Сов. Союзунун Генералиссимусу, СССР Коргоо Министри, Сов. Союз. Маршалдары, Сов. Союз. Флот Адмиралдары, о. эле гарнизон турган терр-ядагы респ-каныи Жог. Советинин Президиумунун Предли ж-а Мин. Советинин Пред-ли м-н жолукканда көрсөтүлөт. А. у. чет мамлекеттердин өкүлдөрүн тосууда ж-а жөнөтүүдө, Мекенибизге эмгеги сиңген адамдарды акыркы сапарга узатууда уюштурулат. А. у-ну көрсөтүү үчүн взводдон ротага чейинки бөлүкчөлөрдөгү жоокерлердин баары Ардактуу кароолго дайындалат. Ардактуу кароол жалаң офицерлерден ж-а сержанттардан да түзүлүшү мүмкүн.

АСКЕРДИК УСТАВДАР — аскер (флот) бөлүктөрүнүн ж-а бөлүкчөлөрүнүн уруш майданындагы максаттарын, милдеттерин, аларды колдонуу жолдорун ж-а принциптерин аныктоочу, о. эле аскер кызматкерлеринин милдеттерин, өз ара мамилелерин, жалпы аскерлик турмуш ж-а тиричилик, кызмат өтөө тартиптерин аныктоочу офиц. жетекчи документтердин жыйындысы. Куралдуу күрөштүн жаңы каражаттарынын пайда болушуна, күчүндө турган уставдарды колдонуу тажрыйбасынын көбөйүшүнө ж-а аскерлердин жоокерлик даярдыгына талаптардын күчөшүнө жараша А. у. жаңыланып турат. Алгачкы орус А. у. 16—18-к-да пайда болгон. Сов. Куралдуу Күчтөрдүн А. у-ун иштеп чыгуу-га Гражд. согуш жылдарында негиз салынган. 1924—25-ж. Ички кызматтын убактылуу уставы, Гарнизондук кызматтын убактылуу уставы, Кораблдик кызматтын уставы ж. б. түзүлгөн. Андан кийинки жылдарда Жөө аскерлердин жоокерлик уставы, ЖДКА артиллериясынын жоокерлик уставы д. у. с. күчүнө кирген. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Жөө аскерлердин жоокердик уставы (1—2-бөлүк, 1942), Бронетанкалуу ж-а механикалаштырылган аскерлердин жоокердик уставы (1-бөлүк, 1944), Артиллериянын жоокердик уставы (1938), Зенит артиллериясынын жоокердик уставы (1941—44), Атчан аскерлердин жоокердик уставы (1-бөлүк, 1944) колдонулган. Коюлган милдеттерине жараша А. у. негизинен жалпы аскердик (жалпы аскердик уруштун негиздерин аныктайт) ж-а жалпы жоокерлик (булардын жоболору Куралдуу Күчтөрдүн бардык бөлүктөрүндө ж-а бөлүкчөлөрүндө кызмат өтөгөндөргө бирдей даражада тиешелүү) болуп бөлүнөт. Мындан башка аскер түрлөрүнүн уставдары да бар. Чет өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрүндө да тиешелүү А. у. колдонулат.

АСКЕРДИК ЭПИДЕМПОЛОГИЯ — аскер шартында учуроочу эпидемиялык ооруларга каршы чара көрүүчү эпидемиология илимининн бөлүгү. А. э. аскер коллективиндеги өзгөчө шартка байланыштуу эпидемиялык ооруларды пайда болуу ж-а таралуу себептерин изилдеп, аларга каршы чараларды иштеп чыгат. А. э-нын өзгөчө методдоруна аскерлер жайгашкан ж-а согуш жүрүп жаткан терр-ялардагы сан.-эпидемиялык чалгындоолор м-н байкоолор кирет. Согуш мезгилинде аскердик бөлүктөрдүн тез-тез орун которуп, шартынын өзгөрүшү, эпидемиянын калдыктары бар райондордо аргасыздан туруп калышы, аскерлердин бири бири м-н дайыма аралашып турушу, бир жерден жалпы тамактанышы жугуштуу эпидемиялык ооруларды таралыш коркунучун туудурат. Акыркы кездеги А. э-нын жетишкен ийгиликтери ар кандай татаал шарттарга карабастан, жугуштуу эпидемиялык ооруларды алдын алууга мүмкүнчүлүк берет.

АСКЕРДИК-ВРАЧТЫК ЭКСПЕРТИЗА — СССР Куралдуу Күчтөрүнө дене түзүлүшү ж-а акыл-эси жагынан толук жарамдуу кадрларды тандоочу, алардын ден соолугуна көз салуучу *аскердик медицинанын* бир бөлүгү. А.-в. э. аскерге милдеттүүлөр м-н аскер кызматындагыларды мед. жактан текшерип, согушка ж-а аскердик кызматка жарамдуулугун аныктоо, аларды аскердик бөлүктөргө бөлүүгө катышуу, дарылоо мекемелеринде жаткандардын саламаттыгын текшерип, жараксыздарды бошотуп, жарактуулугунун ден соолугун чыңдоо иштерин жүргүзөт. А.-в. э-нын иши Сов. Армиянын аскердик мед. системасына баш нет.

АСКЕРЛЕРДИН БИРГЕЛЕШИП АРАКЕТТЕНҮҮСҮ — жалпы бир максатка жетүү үчүн урушка катышкан куралдуу күчтөрдүн түрлөрүнүн, аскер бирикмелеринин, курамаларынын убакты, чек аралары ж-а багыттары б-ча макулдашып жүргүзгөн жоокердик аракети. А. б. а-нүн зарылчылыгы армия м-н кошо чыккан. Согуш кырдаалынын өркүндөтүлөндүгүнөн, аскердин жаңы түрлөрүнүн пайда болгондугунан (жөө аскер, атчан аскер, артиллерия ж. б.), армияны уюштуруу структурасы м-н жоокердик даярдыктарынын жакшыртылышынан улам А. б. а-нүн мааниси жогорулайт. Алгачкы А. б. а. согуш жүрүп жаткан аймак м-н гана чектелген. 1914—18-жылдагы 1-дүйн. согушта авиациянын, танканын, аскердин башка жаңы түрлөрүнүн ж-а байланыштын тех. каражатынын пайда болуусу м-н куралдуу күрөш жүргүзүлгөн аймак кеңейип, ири стратегиялык операцияларды чечүү үчүн бүткүл согуштун жүрүшүндө куралдуу күчтөрдүн бир канча түрлөрү м-н оперативдик бирикмелер (армиялар, армиялар группасы, фронттор) ортосундагы биргелешип аракеттенүү зарылдыгы туулду. Азыркы кезде ар кандай согушка катышуучу бардык күчтөрдүн биргелешкен аракети гана жеңишти камсыз кылышы мүмкүн.

АСКЕРЛЕРДИН СУУДАН ӨТҮШҮ — согуш убагында душман коргоп турган дарыядан, каналдан, дениз кысыктарынан аскердин өтүшү. Өтүү каражаттарынын ж-а өтүүнүн мүнөзүнө жараша А. с. ө-нүн 3 түрү болот: 1) **десанттык түрү** — мында алдыңкы бөлүкчөлөр курал-жарактары, техникасы м-н сууда сүзүүчү автомобилдер, бронетранспортерлор, танкалар, моторлуу кайыктар, пароходдор, кайыктар, убагында жасалып салынган салдар ж. б. аркылуу өткөрүлөт; 2) **паромдук түрү** — танкаларды, автомобилдерди ж. б. согуш техникасын паромдорго жүктөп өткөрөт; 3) **көпүрөлүк түрү** — аскер колонналарын курал-жарактары ж-а техникасы м-н көпүрөлөр аркылуу өткөрөт. Аскерлердин суудан өтөөр жерлери тийиштүү даражада жабдылат ж-а билинбегендей жашырылат. Суудан өтүү убагында аскерлер душмандын ар кандай кол салуусунан корголот. Улуу Ата Мек. согуштун (1941—45) убагында А. с. ө-нүн бардык түрлөрүн Сов. Армия ийгиликтүү колдонду.

АСКЕТИЗМ (гр. asketes — көнүгүү) — материалдык дүйнөнү жоруучулук, турмуш жыргалчылыктарынан баш тартып, такыбаа жашоо, сопучулук. А. өзүүгө, адилетсиздикке, мүлктүн ж-а саясий теңсиздикке каршы социалдык нааразылык катарында чыккан. Бирок А. эмгекчилерди социалдык теңсиздикке каршы күрөшкө үндөбөстөн, ал күрөштөн алагды кылып, мүкүрөөгө, жалган ишенимдерге берилүүгө, өз турмушуна ж-а айлана-чөйрөсүнө кайдыгер мамиле кылууга чакырган. Эмгекчилердин материалдык жана духовный талаптарын толук канаттандыруу милдетин койгон коммунисттик коомго А. жат.

АСКОРБИН КИСЛОТАСЫ, С. витамини ($C_6H_8O_6$) — сууда эрий турган түссүз кристалл. Мол. салм. 176,13. Жашылчаларда, мөмө-жемиштерде, ит мурундун ашында, көк жаңгакта, карагатта, калемпирде, гүлдүү капустада ж-а ач көкте, малдын сүтүндө бир кыйла өлчөмдө болот. А. к. негизинен синтездөө жолу м-н глюкозадан алынат. С витамининин жоктугуна байланыштуу пайда болгон *цинга* оорусун алдын алуу ж-а дарылоо үчүн колдонулат, к. *Витаминдер.*

АСКОХИТОЗ — өсүмдүк илдети. А-дон айрыкча зыгыр, буурчак өсүмдүктөрү, момо дарагы көп зыян тартат. Илдетке чалдыккан өсүмдүктө ар түрдүү так пайда болуп, жалбырагы күурайт, ал эми буурчак өсүмдүктөрүнүн сабагы сынат. А. илдетке чалдыккан үрөн ж-а өсүмдүк аркылуу таралат. А-го каршы күрөшүү чаралары: которуштурулган айдоо системасын туура жүргүзүү; тез бышып жетилүүчү ж-а туруктуу сортторду тандоо, үрөндү дарылап, эрте жаада себүү, түшүмдү өз убагында жыйноо, өсүмдүк калдыгын жок кылуу; тоңдурма айдоо ж. б.

АСМА КОНСТРУКЦИЯЛАР (курулуш механикасында) — негизги элементтери чоюн керүүчү гана күчтөрдү кабыл алуучу курулуш конструкциялары. Ал элементтер болот сым аркан, чынжыр сым, сым тор ж-а калдыркандан жасалат. А. к. аз каражат жумшалып, оңой курулуучу жеңил конструкцияларды тургузууга мүмкүндүк берет. Көпүрөлөрдү салууда, кенен имараттарды жабууда мейкиндик вант системалары, катуу калдыркан ж-а серпилме жука конструкциялар көбүрөөк колдонулат. Мейкиндик вант системасынын түрлөрү көп (к. сүрөт). Ал көбүнчө кайчылашкан сым аркандан түзүлгөн тордон турат. Катуу калдыркандын жүк көтөргүч негизги элементтери — кайчылаш салынган болот аркандар. Куруу убагында тордун үстүнө бетон же темир-бетон плиталары жабылып, алардын жиктерине бетон, цемент эритмелери куюлуп бекитилет. Серпилме конструкциялар көбүнчө калдыркан элементтерден же кендир таардан жасалат. Бийик түркүктөр аркылуу капчыгайдан же дарыядан өткөрүлгөн ийилме түтүктөр да А. к-дын түрүнө кирет. Мында көрүүчү күчтөр болот тордун аркандары бекитилген темир-бетон алкактарга, түркүктөрдүн үстүнө коюлган шакектерге берилет.



Асма көпүрөнүн схемасы: *1* — сым аркан; *2* — аркан асылгыч, *3* — ферма; *4* — аралык түркүк; *5* — анкердүү тирек.

АСМА КӨПҮРӨ — керүүчү күч келе турган негизги конструкциясы ийилчээк элементтерден (кабель, сым аркан, чынжыр ж. б.) курулган ж-а транспорт өтө турган белүгү ага асылып тургузулган көпүрө. Азыркы А. к-лордө бекемд. 2—2,5 *Гн/м²* (200—250 *кгк/мм²*) келген өтө бекем болоттон жасалган сым кабель ж-а сым аркан кеңири пайдаланылат да, жөэктердеги түркүктөрдүн анкер бекиткичтерине бекитилет. Көпүрөгө күч келгенде, ал ийилчээк элементтер деформацияланып, өтө ийилип, саландан калбасын үчүн көпүрөнүн транспорт өтүүчү бөлүгүнө узун устундар же катуу ферма орнотулат. Автомобиль жүрө турган А. к-лордү курууда, негизинен, асма системалар пайдаланылат.

АСМА МАШИНАЛАР — тракторго же өзү жүрүүчү шассиге орнотулуп, гидравликалык механизмдин же башка жасалгалардын жардамы м-н башкарылуучу а. ч. машиналары. Алар чиркелме машиналарга караганда 30—50% жеңил ж-а кичине, оңой башкарылат, өндүрүмдүүлүгү жогору. Толук ж-а жарым асма болуп бөлүнөт. СССРде 30-жылдарда жасала баштап, кийин тракторлордун атайын гидравликалык системасы түзүлгөндө, көп чыгарылды. АКШ, Канада, Англия, ГФР, Франция, Чехословакия ж. б. өлкөлөрдө да кеңири пайдаланылууда.

АСМА СЫМ АРКАН ЖОЛ — бийик түркүктөргө (жер бетинен өйдө) жүк тартуучу сым арканы тартылган асма жол. Тартылган аркандын саны б-ча эки ж-а бир аркандуу, пайдаланууу мүнөзүнө ж-а арналышына жараша жүк ж-а жүргүнчүлөр ташылуучу, стационардуу ж-а көчүрүлмө болуп айырмаланат. Вагонеткалардын кыймылына карата айланма ж-а маятниктүү кыймылдуу А. с. а. ж-дор курулат. Айланма жолдо жүк салынган ж-а бош вагонеткалар белек-белек асма жол м-н жүрөт, маятниктүү жолдо бир эле вагонетка жолдун аягына жетип кайра келет. Эки аркандуу айланма жолдо станциялардын ортосуна (к. сүрөт) эки аркан (1) тартылып, анын биреөндө жүк салынган, экинчисинде бош вагонеткалар (2) жүрөт. Станциялардын аралыгында аркандар түркүк (3) м-н тирелет да, станцияга келгенде, вагонетка асма рельс (4) жолуна өтөт. Вагонеткалар жылдырылма (тарткыч) аркан (6) м-н жылдырылып, акыркы станцияга жеткенде, ал аркан кыймылга келтиргич (7) ж-а тарткыч (8) блоктордон айланып өтөт. Атайын илиништиргич түзүлүштөр аркылуу вагонеткалар автоматтык түрдө жерге түшүрүлөт ж-а кайра илинет. А. с. а. ж. эл чарбасынын көп тармагында, айрыкча тоолуу р-ндордо кеңири колдонулат.



Асма конструкциялардын түрлөрү: *а* — чоң аралыкты жабууда колдонулуучу вант формасы; *б* — эки жантайма аркага тартылган тор; *в* — алдын ала чыналтылган тор.

АСМАН ГЛОБУСУ — асман сферасынын планета ж-а диффузия тумандуулуктарынын, жылдыз топтолуштарынын, метеор агымдарынын радианттарын, галактикалардын координаталарын аныктоого арналган шар формасындагы модели, к. *Асман координаталары.*

АСМАН КЕҢДИГИ, к. *Кеңдик.*

АСМАН КООРДИНАТАЛАРЫ — жарык чыгаруучуларды ж-а жарымчы чекиттердин асман сферасындагы абалын аныктоочу сандар. Сферада координаталар жаалар же аларга тиешелүү борб. бурчтар аркылуу аныкталат. А. к-нын системалары асман сферасынын чоң тегереги м-н берилип, анда эсептөөнүн баштапкы чекити көрсөтүлөт. Сфералык координаталардын горизонталдык ж-а экватордук системалары көбүрөөк колдонулат. Горизонталдык системада негизги тегерек катарында — матем. жө чыныгы горизонт (SWNE); уюл катарында байкоочу орундун зе-



Сүр. 1. Координаталардын горизонттук системасы. *P* — дүйнөнүн түндүк уюлу, *A* — жарык чыгаруучунун (*σ*) азимуту, *h* — бийиктиги.

цити z пайдаланылат (1-сүрөт). Асман сферасындагы *M* чекитинин координатасы болуп *азимут* A ж-а *бийиктик h*, көп учурда бийиктиктин ордуна зенит аралыгы *($z = 90° — h$)* алынат. Экватордук системада негизги тегерек катары *асман экватору (QγQ')*, уюл катары дүйн. уюл *P* алынат (2-сүрөт). Экватордук системада координаталардын бири болуп жантаюу δ саналат. δ асман экваторунан жарык чыгаруучуга чейин жантаюу тегерегин бойлото өлчөнөт. Жантаюу асмандын түн. жарым шарында — оң, түш. жарым шарында терс мааниге ээ. Кээде жантаюунун ордуна уюлдук аралык $P = 90° — δ$, 2-координатасы болуп сааттык бурч *t* алынат; *t* — уюлдук бурч же ага тиешелүү болгон экватордун жаасы.



Сүр. 2. Координаталардын экватордук системасы. α — жарык чыгаруучунун түз чыгышы, δ — жантаюусу, *t* — сааттык бурчу, γ — жазгы күн-түн теңелүү чекити.

Сааттык бурч меридиандын түш. бөлүгүнөн батышты карай өлчөнүп, убакытты эсептөөдө колдонулат (360° = 24 *с*). Жылдыз карталарын түзүүдө 1-координата претинде жантаюу δ, 2-болуп түз чыгыш α алынат. α экватордун *жазгы күн түн теңелүү* чекитинен жарык чыгаруучунун жантаюу тегерегине чейинки (2-сүрөт) жаасы б-ча алынат да, батыштан чыгышты карай, б. а. саат жебесине тескери багытта өлчөнөт.

АСМАН МЕРИДИАНЫ — дүйнө уюлу ж-а байкоо жүргүзүлүүчү орундагы зенит аркылуу өтүүчү асман сферасынын чоң тегереги. Анын тегиздиги байкоо жүргүзүлүүчү орундун геогр. меридианынын тегиздиги м-н дал келип, матем. горизонтту түш. ж-а түн. чекиттеринен кесип өтөт.

АСМАН МЕХАНИКАСЫ — астрономиянын космос телолорунун өз ара тартышуу күчтөрүнүн натыйжасындагы кыймылын үйрөтүүчү бөлүмү. Дүйнөнүн геоборб. системасы үстөмдүк кылган доордо (16-к-га чейин) астрономияда планеталардын көрүнгөн кыймылы каралса, Н. *Коперник* ачкан дүйнөнүн гелиоборб. системасы Күн системасындагы телолордун чыныгы закондорун үйрөнүүгө мүмкүндүк берди. И. *Кеплер* бул мүмкүндүктү пайдаланып, планеталардын кыймылынын эмпирикалык законун ачкан. И. *Ньютон* ачкан бүткүл дүйн. тартылуу закону А. мех-нын илим катарында өнүгүшүн кеңейтип, П. Лаплас 1798-ж. чыккан «Асман механикасы жөнүндө трактат» деген эмгегинде А. мех-нын пл. маанисин көрсөтүп, А. мех. деп атоону илимге 1-болуп киргизген. 19-к-да К. Гаусс ж. б. илимпоздор кичине планеталар м-н кометалардын орбиталарын эсептеп, кыймылынын теориясын үйрөнүүнү өнүктүрдү. Ай кыймылын үйрөнүүнүн атайын методу бар. Ай кыймылынын так гравитация теориясын жүргүзүлгөн байкоолор м-н салыштырганда Жердин бир калыпта эмес кыймылы аныкталган. А. мех-да Жер м-н Айдын кыймылы да изилденет. 20-к-да амер. астроном Э. Браун Ай кыймылынын гравитация теориясын ачты. Гравитация теориясынын негизинде Уран планетасынын кыймыл закондуулугун изилдөө Нептун (1846) ж-а Плутон (1930) планеталарын ачууга алып келди. А. мех жылдыздар м-н жылдыздар системасынын кыймылын салыштырып, алардын жылдыз астрономиясы м-н катуу, суюк, газ түрүндөгү сырткы катмарынын деформациясын үйрөтүүчү геофизика м-н байланышат. А. *Эйнштейндин* салыштырма теориясынын ачылышына байланыштуу телолордун кыймылын үйрөнүүгө жаңы тармак — релятивисттик А. мех. өнүктү. Ал жасалма асман телолорун (Жердин спутниктерин, космос кемелерин ж. б.) билүүдө ж-а алардын кыймылын үйрөнүүдө чоң ролду ойнойт. А. мех. б-ча СССР ИАнын Теориялык астрон. ин-тунда маанилүү изилдөөлөр жүргүзүлүүдө.

Ад.: Дубошин Г. Н., Небесная механика, 2 изд., М., 1968; Смарт У. М., Небесная механика, пер. с англ., М., 1965.

АСМАН ПАРАЛЛЕЛИ — тегиздиги асман экваторунун тегиздигине параллель болгон асман сферасынын кичине тегереги; асман сферасынын чекиттеринин (дүйнөнүн уюлдарынан башка) дүйнө огунун айланасындагы суткалык айланышынын натыйжасында өткөн жолу.

АСМАН СФЕРАСЫ — сфералык ж-а практикалык астрономиянын ар кандай маселелерин чечүүнү жеңилдетүүчү эркин түрдө алынган сфера. Асман объектилери А. с-на проекцияланат да, геом. катыштарды жөнөкөйлөштүрүү үчүн анын радиусу бирге барабар деп алынат. А. с. б-ча асман объектилеринин жайланыштарын, көзгө көрүнгөн кыймылдарын үйрөнүүдө негизги чекиттер ж-а сызыктар, асман координаталарынын системасы колдонулат. А. с-нын суткалык айланышына байланыштуу асман жарык чыгаруучулары мейкиндикте экваторго жарыш суткалык параллель деп аталуучу айланаларды сызат. Суткалык параллелдердин горизонтко жайланышына жараша жарык чыгаруучулар батпоочу ж-а батуучу, чыкпоочу ж-а чыгуучу болуп бөлүнөт.

АСМАН ТЕЛОЛОРУНУН ОРБИТАСЫ — планеталардын, алардын спутниктеринин, кометалардын ж. б. асман телолорунун кыймыл жолдору. Ал кыймылда болгон телонун жүргөн жолун, кыймыл законун ж-а асман телолорунун ар кандай убакыттагы абалын аныктоого мүмкүндүк берет. А. т. о. *Кеплердин закону* б-ча аныкталат.

АСМАН ТЕЛОЛОРУНУН ТЕРМЕЛИШИ — өзгөрмө жылдыздардын тышкы катмарынын жылтылдоосунан келип чыккан пульсация термелүүсүндө пайда болуучу кубулуш. Өзгөрмө жылдыздар пульсация жылдыздары деп да аталат. Фотосфералык бети радиус б-ча термелүүгө катышып, көлөмү бирде чоңоюп, бирде кичирейип тургандыктан, алардын жылтылдоосу ж-а нурлук ылдамдыгы термелүү абалында болуп турат. Мис., жылдыз кысылганда нурдук ылдамдык оң мааниге, кеңейгенде терс мааниге ээ болот. Мындай жылдыздардын бири δ-Цефейдин термелүү мезгили 1 *суткадан* 60 *суткага*, β-Цефейдики 3 *сааттан* 6 *саатка* чейин созулат. Термелүүчү жылдыздардын көпчүлүгү цефеид өзгөрмө жылдыздар системасына кирет. Мындай термелүүлөр цефеидден башка жылдыздар системасында да болуп турат.

АСМАН УЮЛУ, к. *Алтын казык*.

АСМАН УЗУНДУГУ, к. *Узундук*.

АСМАН ЭКВАТОРУ — бардык чекиттери дүйнө уюлдарынан 90° алыс турган асман сферасынын чоң тегереги. А. э-нун дүйнө огуна перпендикуляр болгон тегиздиги Жер экваторунун тегиздигине жарыш ж-а горизонттун тегиздигине 90°—φ бурч м-н жантайган, мында φ ошол жердин кеңдиги. А. э. асман сферасын түн. ж-а түш. жарым шарга бөлөт. А. э-н матем. горизонт чыг. ж-а бат. чекиттеринде кесип өтөт.

АСПАП — иштетилүүчү буюмдун формасын талапка ылайыктап өзгөртүү үчүн колдонулуучу эмгек куралы же машинанын аткаруучу механизми. А-тын төмөндөгүдөй түрлөрү бар: 1) кесүүчү (кескич, бургу, фреза ж. б.); 2) басым астында иштетүүчү (штамп ж. б.); 3) чарыктоочу (чарык таш, кайрак таш, бүлөө ж. б.); 4) усталык (балка, кычкач, өгөө, тешкич ж. б.); 5) ченөөчү (*штангенциркуль, сызгыч, индикатор, микрометр* ж. б.); 6) бекитүүчү (кыскыч, *бекитүүчү патрон*, цанга ж. б.). Техниканын башка тармактарында ар түрдүү өлчөөлөр, медицина м-н ветеринарияда хирургиялык операциялар үчүн колдонулуучу приборлор м-н түзүлүштөр да А. деп аталат. Кырг-нда кесүүчү, өлчөөчү А-тарды ж-а приборлорду жасап чыгаруучу атайын өндүрүш тармактары («Бургу», «Айнур», прибор з-ддору, А-тар конструктордук бюросу) түзүлгөн.

АСПАП ӨНӨР ЖАЙЫ — машина куруу ө. ж-нын бир тармагы. Ал металл кескич, өлчөө курал-жабдыгы, кыпкуур, аткуур, өгөө ж. б. жабдууларды чыгарат. Аспап чыгаруу металл иштетүү, өзгөчө станок куруу ө. ж-нын өнүгүшү м-н бирге өстү. Россияда негизинен кол аспаптары: өгөө, балка, көзөөч, ат тиш ж. б. жөнөкөй жол м-н даярдалып, кесүү, өлчөө аспаптары чет өлкөлөрдөн сатылып алынуучу. Алгачкы аспап з-ду 1916-ж. Миасс ш-да курулат. А. ө. ж. Совет бийлигинин тушунда өркүндөп, бир канча завод пайдаланууга берилди (мис., 1-беш жылдыкта эле эки ири: «Фрезер» ж-а «Калибр» з-ддору). 1935-ж. Фрунзеде металл иштетүүчү алгачкы завод курулгандан кийин, Кырг-нда да А. ө. ж. өнүгө баштайт. Азыр металл иштетүү, машина жасоо ишканаларында аспап цехтери ж-а көзөөч аспаптарын чыгаруучу завод бар.

АСПАПТАШТЫРУУ (инструментовка) — муз. чыгарманы (симф., үйлөмө, эл аспаптары ж. б.) оркестрдин тигил же бул аспаптык тобу, түрдүү камералык ансамблдердин (квартет, трио) аспаптары үчүн жазуу. А. өнөрү композиторлор тарабынан оркестрге кирген аспаптардын өзгөчөлүгүн эске алуу м-н муз. чыгарманын идеялык-эмоциялуу мазмунун таасирдүү чагылдыруу максатында пайдаланылат. А. иск-восу 17—18-к-да өнүгөт. Буга Ф. Листтин «Венгр рапсодиясын», К. Орозов атн. эл аспаптар оркестрине түшүрүлгөн Огинскийдин «Полонези» мисал болот. А. өнөрү окуу программасы б-ча муз. окуу жайлары м-н консерваторияларда атайын сабак катары окулат.

АСПАПТЫК БОЛОТ — ар түрдүү аспаптар даярдала турган, составы көмүртек м-н байытылган болоттун бир түрү. Составында 0,6—0,7%ке чейин көмүртек болот. А. б. көмүртектүү, легирленген ж-а тез кесүүчү болуп бөлүнөт. Көмүртектүү А. б-ко кирүүчү ар түрдүү маркадагы болоттор бир биринен составындагы көмүртектин саны м-н айырмаланат. Ал ысытуу жолу м-н иштетилгенден кийин, бургу, кескич, өгөө, балта, *калибр, микрометр* сыяктуу аспаптарды жасоого колдонулат. Легирленген А. б. да кесүүчү, ченөөчү аспаптар үчүн пайдаланылып, жог. темп-рада катуулугун сактайт ж-а анын составындагы күкүрт, фосфор 0,03%тен ашпайт. Тез кесүүчү А. б-ко R_9, R_{18} маркасындагы болоттор кирет. Мындай болоттон жасалган кескич аспап бекемдиги ж-а ылдам кесиши м-н айырмаланат.

АСПАПТЫК ДИНАМОМЕТР — металлды иштетүүдөгү кесүүчү күчтү ж-а моментти өлчөөгө арналган прибор. А. д. негизинен кабыл алуучу түзүлүштөн, билдиргичтен алынган импульстарды алдын ала күчөтүп же трансформациялап көрсөтө турган түзүлүштөн турат.

АСПАПТЫК МУЗЫКА — муз. аспаптарда гана ойноо үчүн жазылган чыгарма (адамдын үнү катышпайт). Ас. м. жеке аспапта же жеке аспапты башка аспаптардын коштоосунда, камералык ансамблдерде аткарылат.

АСПАРАГУС, к. *Спаржа*.

АСПЕКТ (биологияда) — өсүмдүктөр коомдоштугунун сырткы көрүнүшү. Ал көрүнүш өөрчүү фазаларынын алмашып турушуна жараша жыл бою өзгөрүп турат. А. демейде жыл сайын айныбай кайталанат, бирок туруктуу А. түзө албаган айрым түрлөр да бар. Мис., монокарптык өсүмдүктөр массалык түрдө гүлдөгөн же мөмөлөгөн мезгилинде гана А. түзө алат. Жазында, дарактар жалбырак байлай электе, дүйүм чөп тез өсүп, токой арасын көркө бөлөйт, дарактар тегиз жалбырак байлаганда, токойдун арасын көлөкө басып, ал жердеги чөптөрдүн түрдүүлүгү азаят, айрым жазгы өсүмдүктөр *вегетация мезгилин* аяктайт. Фитоценоздо кээ бир өсүмдүктөрдүн массалык гүлдөшүнө же мөмө байлашына жараша А. өзгөрүлөт. А-тин алмашылып турушу талаа жерлерден даана байкалат. Аспекттик түрлөрдүн түсүнө жараша А. ар кандай аталат. Мис., сары байчечекейлер гүлдөп турган учурда, басымдуулук кылган фитоценоздор — сары А., кызгалдактар гүлдөп турган учурда — кызыл А., бетеге, ак кылкан баш алгандагы боздоңдор боз түстүү А. деп аталат.

АСПЕРГИЛЛЕЗ (Aspergillus) — адамда, канаттууларда ж-а кээ бир жаныбарларда учуроочу жугуштуу дарт. А-ду көбүнчө аспергилл (Aspergillus Mich) грибогу пайда кылат. Адамдын А-у терини, былжырдуу челди, ички органдарды, айрыкча өпкөнү ж-а колкону жабыркатат (к. *Микоз*). Канаттуулар аспергилл жуккан жем ж-а сасытка жумуртка жесе ылаңдайт. А. айрыкча жазында Кырг-ндын бардык жеринде кездешет. А-дун негизги белгилери: ылаңдаган канаттуу алы кетип, аз кыймылдайт; канатын салбыратып, көзүн ачпай, дем алаарда мойнун созуп, оозун ачат, мурдунан ж-а оозунан көбүктүү суюктук агат; үйдүн деми кыстыгып, көкүрөгү кыркырап, кургак жөткүрөт. А-дон сактануунун негизги чаралары: туура тоюттандыруу, өз убагында дезинфекциялоо ж-а сан.-гигиеналык талапты аткаруу.

Аары А-ун Aspergillus flavus, A. niger грибогу пайда кылат. Дартка чалдыккан аары начарлап, тез өлөт. Өлгөн аары 1—2 күндүн ичинде саргыч тартып же карарып, катып калат. Ылаңдын таралышына жаан-чачындуу аба ырайы, булганч, нымдуу уюк түрткү болот. Сактануунун негизги чаралары: өз убагында дезинфекциялоо, бал челектерди күнөс, кургак жерге жайгаштыруу, дарттуу аарыны өзүнчө бөлүп, бал же составында 17—19% суусу бар кант сироп м-н кошумча тоюттандыруу.

АСПЕРГИЛЛОТОКСИКОЗ — малдын аспергилл грибогу пайда кылуучу уукма ылаңы. А. аспергилл м-н булганган жем, чөп аркылуу малга жугат. Көбүнчө чочко ж-а канаттуулар ылаңдайт, башка малда да жолугат. Ал чочкодо 18—24 саатка, кээде 6—10 күнгө, канаттууларда 2—5 күнгө созулат. Ылаңдаган малдын тарамышы түйүлөт, колу-буту, моюну шал болот, деми кысылат, жүрөгү начарлайт; ылаң создукса, оозунан шилекей куюлат, аш казанынын иштеши начарлап, кан аралаш чычкактайт. Малдын көпчүлүгү өлүмгө учурайт. Диагнозу эпизоотология, клиника, лаборатория изилдөөлөрүнүн негизинде коюлат. А-го каршы атайын дары жок. Бул ылаңды болтурбоо үчүн бардык жем-чөпкө вет.-сан. көзөмөлдөө жүргүзүлүп, кургак ж-а таза сакталат. Дарылоо малдын нерв системасы, өпкө, жүрөк, аш казанынын иштешин жакшыртууга, организмдеги ууну тез бөлүп чыгарууга жардам берет.

АСПИДДЕР (грекче aspis — уулуу жылан) — суу жыландардын бир түрү. А-дин үстүңкү тиштери уулуу. Уусу медицинада пайдаланылат. Алардын 41 уруусунун 181 түрү белгилүү. Көбү баласын тирүүлөй тууйт. Алар Австралияда, Африкада, Түш. Азияда, Американын түш. ж-а борб. бөлүгүндө, СССРде (Түркмөнстанда) жашайт. Кемирүүчүлөр, кескелдириктер ж. б. м-н азыктанат.

АСПИРАНТ (лат. aspirans — бир нерсеге жетүүгө умтулуу) — жог. окуу жайынын же ил. из. мекемелеринин аспирантурасында окуп, ил. же окутуучулук кесипте иштеп ж-а *илимдин кандидаты* деген даражаны алуу үчүн диссертация жазып жүргөн адам, к. *Аспирантура*.

АСПИРАНТУРА — СССРде илимий пед. ж-а илимий кадрларды даярдоонун негизги формасы. А. 1925-ж. жог. окуу жайларында ж-а ил. из. ин-ттарында уюштурулган. Өндүрүштө иштебей (35 жашка чейинкилер үчүн 3 жыл мөөнөт м-н) ж-а сырттан (45 жашка чейинкилер 4 жыл мөөнөт м-н) окуй турган А. бар. А-га жог. билимдүү, ил. ишке шыктуу, адистиги б-ча 2 жылдан кем эмес стажысы бар, ал эми жог. окуу жайларын жаңы бүтүргөндөр ин-ттун ил. советинин сунушу б-ча конкурстук кирүү экзаменин ийгиликтүү тапшыргандар кабыл алынат. Кирүүчүлөр жарыяланган ил. эмгектерин же докладдарын (реферат) тапшырат. Алар жактырылгандан кийин тандаган адистиги, КПСС тарыхы, чет тилден сыноодон өтөт. *Аспирант* ил. совет бекиткен план б-ча иштейт, ага ил. жетекчи (илим кандидаты же доктору) бекитилет. Өндүрүштө иштебей окуган аспиранттарга А-га киргенге чейин айлык акысынын көлөмүнө жараша (айына 100 сомдон ашык эмес) стипендия ж-а ар жылы 2 айга каникул берилет. Өндүрүштө иштеп жекече планын аткаргандарга

ар жылы эмгек акысы сакталып, кошумча 30 күн дем алыш ж-а жумасына 6 күн иштегендерге кошумча дагы бир күн берилет. Респ-кабызда А. ун-тте, политех., мед., а. ч. ин-ттарында, Кыргыз ССР ИАда ж-а бир катар тармактык ил. из. ин-ттарында уюштурулган. СССРде 1971-ж. А-да 99308, Кырг-нда 1974-ж. 662 адам окуган.

АСПИРАЦИЯ (лат. aspiratio — дем алуу) — 1) түрдүү оорулардан кийин органдардын көңдөйлөрүндө пайда болгон ириңди, желди, сары сууну атайын аспаптар м-н тарттырып алуу; 2) оорулуунун жутуу жөндөмдүүлүгү бузулганда же эс-учун жоготкон убакта, оозундагы тамактын калдыктары, кан, жасалма тиш ж. б-нын дем алуу жолдоруна кептелип калышы; 3) ө. ж. ишканаларында пайда болгон чаңды айлана-чөйрөгө тaратпастан, сордуруп алуу. Сордурулган чаңдуу аба желдетүү түтүгү аркылуу цехтердин сыртына чыгарылып, атайы чаң топтоочу жабдыктардан өткөрүлүп тазаланат.

АССАМ — Индиянын түн.-чыгышындагы штат. Чыг. Гималай тоолорунун этегинде, негизинен Брахмапутра д-сынын алабында. Аянты 122 миң *км²*. Калкы 15 млн., алардын 50% ассамдыктар, 18% бенгалдыктар. Адмии. борбору — Шиллонг ш. Жеринин түштүгүн Лушан тоосу (2157 *м* ге чейин), борб. бөлүгүн Ассам тоолору, түндүгүн Брахмапутра д-сынын боюндагы түздүк ээлеп жатат. А. өлкөнүн эл чарбасында чай ж-а нефть өндүрүүгө адистештирилген. Жеринин 15% айдоо. Чайдан башка джут, шалы, тамеки, пахта айдалат. Жибекчилик өнүккөн. Токой чарбасында жыгачтын баалуу түрлөрү ж-а бамбук даярдалат. Штатта нефть, химия ө. ж-лары өнүгүүдө. Чай пресстөөчү, жыгач иштетүүчү, цемент ж. б. ишканалары бар. А. трансп.-экон. жагынан Калькутта м-н тыгыз байланышта.

АССЕНИЗАЦИЯ (фр. assainissement) — шаарларды булганычтыктан тазалоонун эски системасы. Азыркы шаарларда ал *канализация* аркылуу жүргүзүлөт.

АССИМИЛЯЦИЯ (геологияда) — магма м-н анын айлана-чөйрөсүндөгү тоо тектердин өз ара аракеттенишүү (эрүү, эритүү, сиңирүү ж. б.) процесси. Магма жогору көтөрүлгөндө, жанаша жаткан тоо тектерди ж-а магмага түшкөн алардын бөлүкчөлөрүн бүт же жарым-жартылай эритип, өзүнүн составын д. у. с. касиеттерин өзгөртөт. О. эле жанаша жаткан тоо тектер өзгөрүүлөргө учурап, алардан жаңы тек келип чыгат. Кээде тоо тектин кесек бөлүкчөлөрү магма м-н аралашып, *ксенолитти* пайда кылат.

АССИМИЛЯЦИЯ (этнографияда) — эне тилинин, мад-тынын, улуттук аң-сезиминин жоюлушунан улам бир элдин экинчи бир элге сиңип кетиши. Көп өлкөлөрдө улуттук ж-а диний теңсиздиктин шарттарында А. зордук жолу м-н жүргүзүлгөн. Адегенде Австрия империясында, кийинчерээк Австрия-Венгрияда, падышалык Россияда ушундай болгон. Мындай аралашуулар азыр да кээ бир капит. өлкөлөрдө (Испания, Греция) жүрүп жатат. Саны аз улуттары бар бир катар өлкөлөрдө табигый А. жүрүүдө. СССРде ж. б. соц. өлкөлөрдө бардык элдердин толук тең укуктуулугунун шартында, кээ бир кичине элдер, ээлеген берки экон. ж-а маданий обочологонуудан арылып, табигый түрдө ирирээк этникалык жалпылыктарга кошулууда.

АССИМИЛЯЦИЯ же анаболизм (биол.) — организмдерге таандык процесс; зат алмашуунун бир тарабы. А. организмдердин сырткы чөйрөдөн өздөрүнө керектүү ар кандай орг. же орг. эмес заттарды алуу м-н жашоосун, өсүп-өнүгүшүн камсыз кылат. Бардык тирүү организмдер үчүн энергиянын биринчи булагы — күн нуру. Жер жүзүндө жашоочу ар түрдүү организмдерди энергия булагын пайдаланышына жараша 2 топко (автотрофтуу ж-а гетеротрофтуу) бөлүүгө болот. 1-топтогу жашыл өсүмдүктөр күн нурун пайдалануу м-н орг. эмес заттардан (CO_2 ж-а H_2O ж. б.) орг. кошулмаларды (углеводдорду, белокторду, аминокислоталарын ж. б.) пайда кылат. 2-топтогу организмдер даяр орг. заттарды энергиянын булагы же өз денесин түзүүчү материал катарында пайдаланат. Зат алмашууда *диссимиляция* процесси да үзгүлтүксүз жүрөт. Мис., адамдын денесинде белоктор болжол м-н 2,5 жылда жаңырып турат. А. көбүнчө жаш жаныбарларда ж-а өсүмдүктөрдүн вегетация мезгилинде күчтүү болот.

АССИРИЯ — Ирактын азыркы терр-ясындагы байыркы мамлекет. Ашшур А-нын борбору болгон. Калкынын алгачкы этникалык составы белгисиз. Б. з. ч. 2000-ж. калкынын негизги көпчүлүгү семит-аккаддардан турат. Ашшур б. з. ч. 18-к-дын башында аморей Шамшиадад Iнин ири державасынын борбору болуп калат. Ашшурдун башкаруучусу Ашшурубаллит I (15-к-дын аягы 14-к-дын башында) күчтүү державаны түзүп, Вавилонияны баш ийдирет. Анын тукуму «Ассириянын падышалары» деген наам алышат. Байыркы А-га өзүн өзү башкаруучу селолук ж-а шаардык общиналар мүнөздүү болгон. Б. з. ч. 2 миңинчи жылдын башында А-да а. ч-сын ургаалдаштыруу ж-а адистештирүү башталып, ага байланыштуу сүткорчулук өнүгөт, ири жер ээлөөчүлүк түзүлөт. Ал катардагы общиначылардын көпчүлүгүнүн жакырданышына алып келет. А. мамлекети б. з. ч. 12—8-к-дын аралыгында бир нече жолу гүлдөө ж-а начарлоо доорлорун башынан өткөрүп, үч жолу гражд. согушка дуушар болгон. Анын жүргүзгөн жырткычтык согуштары баш ийген өлкөлөрдүн да, өзүнүн калкын да жакырланткан. Акырында А. армиясынын моралдык абалы начарлап, ага каршы күрөшүүчү мамлекеттердин коалициясы пайда болгон. Ошондой коалицияда турган Вавилония м-н Мидия 626—605-ж. А. мамлекетин кыйраткан. А-нын ак сөөктөрү согуш убагында өлтүрүлүп, калкынын калган бөлүгү Месопотамиядагы арамейлер м-н аралашып кеткен.

АССИРИЯ (ЖАҢЫ СИРИЯ) ТИЛИ — семит-хамит тилдеринин тобуна кирүүчү арамей тилинин азыркы чыг. диалектилеринин (урмий, саламас, джилу, тиари, мосул ж. б.) жалпы аты. А. т-де Иран, Ирак, Турция, Сирия, АКШ ж-а СССРдеги ассириялыктар (айсорлор) сүйлөйт. 19-к-дын орто ченинде калыптанган А. адабий тили башка семит тилдерине үндөштүк законунун пайда болушу, түр б-ча жакталуунун ордуна чак б-ча жакталышы, башка тилден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн көптүгү м-н айырмаланат.

АССИРИЯ ТААНУУ — Вавилония м-н Ассириянын тилдери, жазуусу ж-а тарыхы ж-дөгү илим; кең маанисинде — клинопись жазууларынан пайдаланышкан цивилизацияга байланыштуу бардык илимдердин комплекси. А. т-га шумер, урарту хетт, хуррит ж-а эламит таануулар да кирет. Азыр А. т-га угарит таануу ж-а Байыркы Иранды тарыхый-филолог. жактан изилдеп билүү кошулбайт. А. т-га О. Г. Лейарддын (Англия) ж-а П. Э. Боттун (Франция) 19-к-дын орто ченинде Иракта жүргүзгөн изилдөөлөрү, Г. Роулинсондун (Англия) Ирандагы ачкан жаңылыгы (Персия падышасы Дарий Iнин б. з. ч. 521-жылга жакын, Бахустин аскасындагы байыркы фарс элам-вавилон тилиндеги клинопись жазуулары) база болгон. А. т. 1857-ж. жаңы илим деп таанылган. Э. Хинкс (Ирландия) вавилон-ассирия клинописи м-н экинчи башка тилдеги тексттер жазылгандыгын аныктаган. Булардын 1-си семит тобуна кирип, 2-си белгисиз болгон. Кийин ал шумер тили экени аныкталган. Шумер тилин изилдеп үйрөнүү б-ча алгачкы иштер П. Хаунтка (АКШ), Ж. Оппертке (Франция) таандык. Э. де Сарзек (Франция) байыркы Лагаш ш. урандыларынан (б. з. ч. 3-жылдагы) чыныгы шумер жазууларын ж-а чарб. документтерин таап, аларды 1884—1905-жылдары А. Амьо м-н Ф. Тюро-Данжен (Франция) чечмелеп, окуп чыгышкан ж-а А. т-нун бир тармагы катарында шумер таануу илимине негиз салынган; вавилон-ассириялык клинописи ж-а Вавилониянын бардык мад-ты шумерден чыккандыгы далилденген. Россияда А. т. б-ча эмгектер 19-к-дын 90-жылдарында жарыялана баштаган (В. С. Голенищев, Б. А. Тураев). Орустун 1-ассириологу М. В. Никольский шумер документтерин эң сонун бастырып чыгарган. 19-к-да ж-а 20-к-дын 1-жарымында А. т. илимин изил-

деп үйрөнүүчү тилдердин катарына урарту, хетт, хуррит, луви, палай, хатт ж-а элам тилдери кошулган. Азыр сов. тарыхчылар мектеби дүйн. А. т-да алдыңкы орунга чыкты. Сов. шумерологдор ж-а ассириологдор бул жагынан социалдык-экон. ж-а укук проблемаларын ж-а да тил, ад-т, иск-во ж-а фольклор проблемаларын иштеп чыгышууда. Сов. урартологдор (Б. Б. Пиотровский ж. б.) археол. жагынан да ийгиликтерге жетишти. Ленинград, Тбилиси, Ереван ун-ттери СССРде А. т. илимин окутуунун борбору болуп калды. Ленинградда, Москвада клинопись коллекциялары, Ереванда, Тбилисиде урарту таанууга тиешелүү коллекциялар бар. Ушул шаарларда ж-а Бакуда, Минскиде, Вильнюста А. т. б-ча изилдөө иштери кеңири жүргүзүлүп жатат. А. т. ж-дөгү макалалар «Вестник древней истории» (1937-жылдан чыгат), «Кавказско-ближневосточный сборник» ж. б. журналдарда жарыяланып турат. А. т-нун чет мамлекеттердеги негизги борборлору Чикаго, Багдад, Рим, Стамбул, Анкара, Берлин ж. б. ш-ларда жайгашкан. Кийинки жылдарда А. т-да Ирактын илимпоздору да көрүнүктүү орун ээлей башташты.

Ад.: Бузескул В. П., Открытия XIX и начала XX века в области истории древнего мира, ч. 1—Восток, СПБ, 1923; Постовская Н. М., Изучение древней истории Ближнего Востока в Советском Союзе (1917—1959 гг.), М., 1961; Дьяконов И. М., Языки древней Передней Азии, М., 1967.

АССИСТЕНТ (лат. assistens — жардамчы) — адистин жардамчысы: жог. окуу жайларында лекция окууда, лабораторияда — профессордун; орто мектепте — экзаменатордун; оорукана ж-а клиникада — хирургдун; кинодо, театрда, радио, теле көрсөтүүдө — оператордун, режиссёрдун жардамчысы.

АССОЦИАНИЗМ, ассоциативдик психология — психология илиминдеги турмуштагы бардык психикалык процесстин болуу себебин түшүндүрүүчү башкы принцип ассоциация болуу керек деген багыт. А-ди жактоочулар адамдардын жүрүш-турушундагы, аң-сезиминдеги өзгөрүүлөргө анын себебин билүү аркылуу мамиле кылуу керек деген эрежени бекемдөөгө тырышышкан. Алар организмдин тышкы дүйнө м-н өз ара катышы механика закону б-ча ишке ашырылган соң, идеялардын байланышы да ушул закон б-ча деп болжошкон. Бул жобону 1-жолу Т. Гоббс кийирген, кийин аны Б. Спиноза өнүктүргөн. «Ассоциация» деген терминди 1-болуп Дж. Локк колдонгон (1698). 18-к-дын ортосунда англ. философ Д. Гартли ассоциация табигый-илимий закон катары универсалдуу деген идеяны өнүктүргөн. Бул багытка каршы англ. философтор Д. Беркли м-н Д. Юм идеалисттик А. чыгарышкан. Алар психикалык элементтердин байланыштары субъективдүү гана деп чыгышкан. А-дин концепциялары шарттуу рефлекстер ж-а бихевиоризм ж-дөгү илимдин жаңы физиол. негизинде кайра түзүлдү. Кээ бир психол. мектептер А-ди механизм ж-а атомизм үчүн, аң-сезимдин бүтүндүгүн ж-а активдүүлүгүн түшүндүрүүгө жөндөмсүздүгүн туура сынга алган.

АССОЦИАТИВДИК (лат. associatio — бириктирүү) — атайын жол м-н аныкталган айрым матем. амалдардын касиети. Сандарды (матрицаларды) кошуу ж-а көбөйтүү А. касиетке ээ болот да, сандар үчүн төмөндөгүдөй теңдештиктер м-н туюнтулат: $(a+в)+c=a+(в+c)$; $(aв)c=a(вc)$. Векторлорду көбөйтүү, сандарды кемитүү, бөлүү амалдары А. касиетке ээ болбойт. А. закону группалар теориясынын аксиомаларынын бири катары эсептелет.

АССОЦИАЦИЯ — өсүмдүктөр коомдоштугун, б. а. фитоценоздорду классификациялоодо колдонулуучу негизги таксономиялык бирдик; чөйрөнүн окшош шарттарында өсүмдүктөрдүн өз ара байланыштары ж-а флоралык составы м-н түзүлүшү бирдей болгон өсүмдүктөр коомдоштугунун жыйындысы. Мис., Кырг-ндын талааларында ак шыбак А-сында *ак шыбак* үстөмдүк кылат. Жазында жазгы ырац чөптөр көбөйгөндүктөн, түрлөрү 50—60ка жетет. Түзүлүшү эки ярустуу (катмарлуу). Биринчиси 40—50 *см* ге чейин, экинчиси 10—15 *см* деп ашпайт. Жыл мезгилине жараша А-нын сырткы көрүнүшү түрдүү болушу мүмкүн. Жер үстүнүн өсүмдүктөр м-н жабылышын А. проценттеп белгилейт. А. андагы үстөмдүк кылган өсүмдүктөргө карай аталат. А-ны аныктоодо орус илимпоздору Г. Ф. Морозов, В. Н. Сукачев, В. В. Алёхин, А. П. Шенниковдор чоң салым кошкон.

АССОЦИАЦИЯ (лат. associatio — кошулуу, биригүү) — 1) мекемелердин, уюмдардын же жеке адамдардын жалпы чарбачылык, саясий, ил., маданий маселелер б-ча бир максатка биригиши. 2) Психологияда А. — сырткы ж-а ички дүүлүктүргүчтөрдүн таасиринен болчу адамдын психикалык процесстери м-н кыймыл аракеттеринин байланышы. А. адамдын мурдагы тажрыйбаларынын негизинде пайда болуп, заттар м-н кубулуштардын мейкиндик-убакыт катнаштары м-н (мейкиндик м-н убакыт ичиндеги байланыш А-сы, мис., жаз ж-а чөптүн чыгышы) алардын окшоштугун (окшоштук А-сы, мис., жалбырактын шуудурашы ж-а адамдын шыбыры) же карама-каршылыгын чагылдырышы мүмкүн (карама-каршылык А-сы, мис., күн м-н түн, карылык ж-а жаштык). 3) Экономикада. Монополиянын формасы. 2-дүйн. согуштан кийин мындай уюмдар — мамл.-монополиялык бирикмелер айрыкча өнүктү. 1951-ж. көмүр ж-а болот б-ча европ. бирикме пайда болду. 1957-ж. *Европалык экономикалык бириктештик* (ЕЭС) — *«Жалпы рынок»* түзүлгөн. 1960-ж. эл аралык мамл.-монополиялык жаңы бирикме — *Европалык эркин соода ассоциациясы* (ЕАСТ) уюштурулган. Азыр эл аралык мамл.-монополиялык бирикмелер барган сайын көбүрөөк түзүлүүдө. Эл аралык мамл.-монополиялык бирикмелер өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүгө белгилүү көмөк көрсөтөт, бирок импер. карама-каршылыкты оорчутуп, эмгекчилерди эксплуатациялоону күчөтөт; начарларга үстөмдүк кылуу куралы, капит. рыноктарду бөлүштүрүүнүн жаңы формасы болуп отурат.

АССОЦИАТИВДИК ПРОГРАММАЛОО — цифралуу эсептегич машиналардын (ЦЭМ) эске тутуучу түзүлүштөрүндө сакталуучу маалыматтардын ортосундагы ассоциативдик байланыштарды программалуу ишке ашырууга негизделген информациялык логикалык маселелерди чыгаруу жолдорунун жыйындысы. А. п. эсептеп чыгаруу процессинде составы ж-а саны өзгөрө турган ар кандай объектилер ж-дөгү информацияларды логикалык жактан иштеп чыгууда, берилүүчү маалыматтардын көлөмүн мурдатан аныктоого мүмкүндүк болбогондо ж-а машинанын эске тутуучу түзүлүшүнүн көлөмүн так бөлүштүрүүдө колдонулат. Кандайдыр бир белгилери б-ча бириктирилген маалыматтардын ар кандай тобу А. п-чу тизме деп аталат. ЦЭМдин эске тутуучу түзүлүшүндө удаалаш же тизмектүү тизме уюштурулат. Байланыш адреси тизменин мүчөлөрү м-н бирге сакталып, ошол тизменин кийинки мүчөсүнүн ээлеген ордун көрсөтөт. Тизмелерди уюштуруунун тизмектүү жолу башка мүчөлөрдүн ордун алмаштырбастан жаңы мүчөлөрдү кошуп эсептөөгө ж-а керексиз мүчөнү эсептөөдөн чыгарып таштоого мүмкүндүк берет. А. п-ну колдонуу өндүрүштү пландаштырууну, материалдык-тех. жабдууну, ил. тех. информацияны, түрдүү машиналар, приборлор ж-дөгү маалыматтарды издөөнү тездетүүгө мүмкүндүк берет.

АССОЦИАТИВДҮҮ ЭСКЕ ТУТУУЧУ ТҮЗҮЛҮШ — цифралуу эсептегич машинанын информацияны белгилүү адрес б-ча издебестен, ага тийиштүү өзүнчө белгиси аркылуу издөөчү эске тутуучу түзүлүшү, к. *Эске тутуучу түзүлүш.*

АСТАТ (лат. Astatium), астатин, At — Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасынын VII тобунда жайланышкан радиоактивдүү хим. элемент. Ат. н. 85, туруктуу изотобу жок. Туруктуураагы ^{210}At (жарымына ажыроо мезгили $T_{1/2}$ = 8,3 *с*). Висмутка α нурун таасир кылганда, А-тын радиоактивдүү изотоптору алынат. Биринчи жолу 1940-ж. Э. Сегре, Т. Корсон, У. Мак-Кензи ^{211}At изотобун алышкан. А. хим. касиеттери жагынан полонийге да, йодго да окшош, б. а. металлдык ж-а металлоиддик касиетке ээ. Ал галогендер сыяктуу эрибеген туз-

ду AgAt пайда кылат ж-а йод сыяктуу $AgIO_3$ беш валенттүү абалга чейин кычкылданат $AgAtO_3$. А. күкүрттүү суутектин таасиринен чөгөт, күкүрт кычкыл эритмелеринен аны цинк сүрүп чыгарат ж-а электролизде катодго тартылат. Вакуумда ж-а кадимки шартта оңой бууланат, металлдарга Ag, Au, Pt жакшы синет. Бул касиеттери А-ты бөлүп алууга мүмкүндүк берет.

АСТАТИКАЛЫК ЖӨНДӨГҮЧ — жөндөлүүчү чоңдуктун туруктуу маанисин жүккө (астатикалык жөндөөгө) көз каранды эмес ж-а статизминин чоңдугун нөлгө барабар кылып жөндөөчү жөндөгүч. Жөнөкөй А. ж. системасында суюктуктун сарп болушуна (көбөйүп же азайып) жараша калкыгыч жогорулап же төмөндөп, үстүңкү же астыңкы контактка тийип турат. Натыйжада электр кыймылдаткычы ишке киришип, жапкычты ачып же жабуу м-н суюктуктун агып чыгышын жөнгө салат. к. *Астатикалык жөндөөчү система.*

АСТАТИКАЛЫК ЖӨНДӨӨЧҮ СИСТЕМА — ө. ж. установкаларында жөндөөнүн катасы нөлгө умтулган автоматтык башкаруу системаларынын иштөө тартибин автоматтык жөндөөчү система. Бир эле автоматтык жөндөө системасы козгоочу таасирге карата — статикалык, башкаруучу таасирге карата астатикалык болуп бөлүнөт. Мис., башкаруучу таасиринин мааниси туруктуу болгон автоматтык стабилдештирүүчү системалар — козгоочу таасирге карата, ал эми ээрчүүчү системалар башкаруучу таасирге карата астатикалык болот. А. ж. с. сырттан кандай таасир берилсе да, жөндөлүүчү чоңдукту бир гана мааниде кармап туруучу жөндөгүч аркылуу аткарылат. Бул үчүн жөндөгүчтүн схемасына интегралдоочу звенолор киргизилет. Удаалаш кошулган ушундай звенолордун саны жөндөгүчтүн астатизминин даражасын көрсөтөт. Ө. ж. системаларында негизинен 1-даражадагы астатизмдүү жөндөгүчтөр ээрчүүчү системаларда ылдамдык ж-а ылдамдануу б-ча пайда болгон каталарды азайтууда колдонулат.

АСТАТИКАЛЫК ЭЛЕКТР ӨЛЧӨГҮЧ ПРИБОР — өлчөөчү механизми сырткы магнит талаасынын таасирин мүмкүн болгон чекке чейин төмөндөтүүчү астатикалык схема б-ча жыйналган прибор. Бул приборго эки бирдей кыймылдуу бөлүгү өз ара бириктирилип жалпы окко орнотулган (мис., электромагниттик түрмөк) магнит талаасы ага таасир этип, бир учурда өз ара карама-каршы багытталган айландыруучу моментти пайда кылып, системаны тең салмактап турат. Приборго СССР ө. ж. ишканалары чыгарып жаткан АСТ тибиндеги амперметрлер, АМВ тибиндеги вольтметрлер, АСД тибиндеги ваттметрлер кирет. А. э. ө. п. көбүнчө туруктуу ж-а өзгөрүлмө токтун тизмектеринде лаборат. өлчөөлөрдү жүргүзүүдө колдонулат.

АСТАТИН — химиялык элемент, к. *Астат.*

АСТЕНИЯ, а с т е н и я л ы к а б а л (гр. asthéneia — дармансыздык, күчкубаттан тайуу) — оорулуу абал; бул абалга туш болгон адам бат чарчайт, уйкусу бузулат, ишке жарамдуулугу төмөндөйт, жаман жытка, өтө жарыкка, уу-чууга көтөрүмсүз болот. А. жугуштуу ж-а арыктатуучу кеселдерден, уулануудан, ашкере оор кара жумуштан, акыл эмгегин ашыра иштегенден, маалы м-н эс алып, тамактанбагандыктан пайда болот. А-нын белгилери *атеросклероз, гипертония* ж-а *шизофрения* ооруларынын башталышында байкалат. Дарылоо ооруну пайда кылган негизги себептерге жараша жүргүзүлөт. Оорулуу адам глюкоза, витаминдерди жетиштүү өлчөмдө кабыл алып, өз маалында тамактанып, жумуш м-н эс алууну айкалыштырып, организмин чыңдашы керек.

АСТЕНОСФЕРА (гр. asthenes — начар, *сфера) — Жердин мантиясынын* үстүңкү бөлүгүндөгү катуулук, бекемдик ж-а илээшкектик касиеттери төмөнүрөөк даражадагы катмар. Ал континенттерде жер бетинен 100 *км*, океандардын түбүнөн 50 *км* тереңдикте орун алып, төмөнкү чеги 250—350 *км* ге жетет. А-да *сейсмикалык толкундар* башка катмарларга салыштырганда жайыраак тарай тургандыгы геофиз. изилдөөлөрдүн негизинде аныкталган. А. жапар тоолордун пайда болуусуна ж-а жер кыртышындагы тектон. кыймылдарга себепчи болот.

АСТЕРОИД (гр. aster — жылдыз ж-а éidos — түр) — Күн системасында Марс м-н Юпитердин орбиталарынын арасында айланып жүрүүчү кичине планеталар. 1-ачылган *кичине планета* (1801) Церера деп аталган. Бүгүнкү күндө 1700дөн ашык А. белгилүү.

АСТИГМАТИЗМ (*а*..., гр. stigme — чекит) — оптикалык системанын кемчиликтеринин бир түрү. А-ге ээ болгон линзадан өткөн нурдун сүрөттөлүшү чекит болбостон, бири биринен кандайдыр бир аралыкта, түрдүү тегиздикте өз ара тик жайланышкан кесинди түрүндө болот, к. *Оптикалык системанын аберациясы.*

АСТИГМАТИЗМ (к ө з д ү н) — бир көздө жарыктын чагылып сынышынын айкалыштырылышы же анын бир түрүнүн ар түрдүү баскычтары. А. көздүн тунук кабыгынын текши эместигинен ж-а чечекейдин ар кандай формада болушунан пайда болот. Бул кемчиликтер көзгө жасалган ар кандай операциялардан, көздүн майып болуусунан, сезгенүүсүнөн, кээде тубаса кемтик катары кездешет. Көздүн тунук кабыгынын ар кандай меридиандарынын жарыкты чагылтып көрсөтүү күчү ар башка болгондуктан, адам карап турган нерседен чыккан нурлар көздүн торчо кабыгына сүрөттөлүүнү бир чекитке эмес, чыранды берет. А. үч түрлүү болот: жөнөкөй, татаал ж-а аралаш. Булар атайын аппараттар м-н аныкталат. Татаал көз айнек кийгенде, көздүн көрүшү оңолот.

АСТРА (Aster ж-а Callistephus) — татаал гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк. Көп жылдык ж-а бир жылдык тукумдары бар. Көп жылдыгы Түн. Америкада кеңири таралган. А-нын 200гө жакын түрүнөн СССРде 12 түрү өсөт. Алардын ичинен альпы А-сы, Европа А-сы көп өстүрүлөт. Альпы А-сы Кырг-нын тоолорунда да учурайт. Көп жылдык А. арбын сабактап, тик чыгат. Бийикт. 20—150 *см*. Гүлү ак, кызыл, сары, көгүш. Гүлдөө мезгилине жараша эрте (май—июнь), кечирээк (июль—август) ж-а кеч гүлдөөчү сортторго бөлүнөт. Көп жылдык А. көчөт ж-а урук аркылуу көбөйтүлөт. Бир жылдык А. Кытай м-н Япониядан чыккан. Сабагына, гүлүнө жараша бир канча сорту бар. Коздук үчүн, көбүнчө тармал гүлдүү, пион, роза сымал, комета, төө куш канаты ж-а амер. А-сы өстүрүлөт.

АСТРАГАЛ (Astragalus) — чанактуулар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бир же көп жылдык чөп, бадал. Татаал жалбырактуу, айрымдарынынкы жалбырак сабы тикенекке айланган. Жер шарынын түн. жарымында, Африкада, Америкада анын 1600гө жакын түрү белгилүү. СССРде 850, Кырг-нда 180 түрү өсөт. Бардык алкакта, өрөөндөн бийик тоолорго чейин таралган. Жыш сабактуу А., майда гүлдүү А, саксагай гүлдүү А. дарылык касиетке ээ. Алардын маңызы жүрөк кан тамыр ж-а бөйрөк ооруларын дарылоодо колдонулат. А-дан алынган желим заттары жеңил ө. ж-да пайдаланылат. Кээ бир түрү тоютка жарайт. Бадал А-дары топуракты эрозиядан коргоп, нымдуулукту сактайт. Данын протеинге бай.

АСТРАХАНЬ — РСФСРдеги Астрахань обл-нын борбор шаары. Волга жайылмасынын жог. бөлүгүндө дарыянын өйүз-бүйүзүндө жайгашкан. Калкы 411 миң (1970).

А. ж-дөгү 1-маалымат 13-к-га таандык. Кербен ж-а суу жолдорунун тоомунда болгондуктан, А. тез эле ири соода шаарына айланат. 1459—1556-ж. *Астрахань хандыгынын* башкы шаары. А-га 1558-ж. Волганын ж-а анын куймаларынын жээгиндеги бийик дөңгө жаңы сепил куруу м-н негиз салынган. 17-к-дын орто чендеринде А. Орус мамлекетинин Волга чатындагы чек ара сепилдеринин бири эле. А.— Степан Разин башында болгон дыйкандар согушунун (1670—71) очокторунун бири. 18-к-дын башында ири көтөрүлүш чыккан [к. *Астрахань көтөрүлүшү (1705—06)*]. 1717-жылдан А.— губ. шаар. 1903-ж. мында РСДРПнин комитети түзүлгөн. 1918-ж. 25-январда (7-февр.) А-да ку-



Астрахань кремли.

раддуу көтөрүлүш болуп, Совет бийлиги орнотулган. Шаардын ортосунда таш дубалдар м-н курчалган 8 мунаралуу кремль, Успенский (1700—10), Троицкий (1700) соборлору ж. б. архит. эстеликтер сакталып калган.

А.— балык кармоо, аны иштеп чыгаруу ө. ж-нын борбору. Тамак-аш, магаруу ө. ж-нын борбору. Тамак-аш, машина куруу, жыгач иштетүү, химия ж-а жеңил ө. ж. өнүккөн. А-да 3 жог. ж-а 20 атайын орто окуу жайы, Каспий балык чарба ж-а океанография, осетр балык чарба ил. из. ин-ттары, край таануу музейи, С. М. Кировдун үй-музейи, М. Кустодиев атн. сүрөт галереясы, 3 театр, теле борбор бар.

АСТРАХАНЬ КОРУГУ — РСФСРдин Астрахань обл-дагы корук. Астрахань ш-нын 80—120 *км* төмөн жагынан орун алган. А. к. 1919-ж. Волга д-нын чатынын жаратылышын изилдөө, суу куштарын, балыктарды сактоо үчүн түзүлгөн. Аянты 60 миң *га* (1968); анда өсүмдүктөрдүн 300гө, канаттуулардын 260ка жакын түрү бар. Балыктардан сазан, жаян, чортон, окунь басымдуулук кылат. Каман, арыс чычкан ж-а түлкү кездешет. А. к-дагы кургакта ж-а сууда жашоочу жаныбарлардын экологиясы, жаратылыш шарты изилденүүдө.

АСТРАХАНЬ КӨТӨРҮЛҮШҮ (1705—06) — Астрахандагы стрелецтердин, солдаттардын, посад к а л к ы н ы н ж-а м а л а й л а р д ы н ф е о д а л д а р г а каршы чыгуулары. Анын себеби: налогдордун улам көбөйүшү м-н эзүүнүн күчөшү, жерг. башкаруучулардын, гарнизондогу офицерлердин ээнбаштыгы ж-а зордук-зомбулугу болгон. Воевода Т. Ржевский туз үчүн налогду өз билгениндей көбөйтүп, жаңы налогдорду (мончо, меш ж. б. үчүн) салган. Товарлардын баасы бир нече эсе кымбаттаган. Солдаттар м-н стрелецтердин маянасы азайган, аларды офицерлер өз жумуштарына жумшачу болгон. Көтөрүлүштүн чыгышына Петр Iнин орусча кийим кийүүгө ж-а сакал коюуга тыюу салуу ж-дөгү указы да түздөн-түз түрткү болгон. Ошол указды Ржевский бөтөнчө ырайымсыздык м-н аткарган, кишилердин сакалдарын жулдурган. А. к. 1705-ж. 30-июлдун түнүндө башталган. Стрелецтер м-н солдаттардын отряддары шаардын кремлине кирип барышып, «башкаруучу кишилерди», бөтөн жерлик офицерлерди кыра башташкан. Көтөрүлүшкө астрахандык стрелецтер Иван Шелудяк м-н Прохор Носов, балык ишканасынын ээси, соодагер Яков Носов ж. б. жетекчилик кылышкан. Көтөрүлүшчүлөргө шаардын бардык калкы дээрлик кошулган. Бийлик шаардык чогулуштун колуна өткөн, ал старшиналардын советин шайлаган. Жаңы налогдор алынып ташталган, стрелецтер м-н солдаттардын маянасы көбөйтүлүп, чет өлкөлүктөрдүн кийимдерин кийүү ж-а сакал кырдыруу ж-дөгү указ жокко чыгарылган. Бирок көтөрүлүшчүлөр Москваны көздөй баратканда Царицындын жанында талкаланган.

АСТРАХАНЬ ОБЛАСТЫ РСФСРдин составында 1943-ж. түзүлгөн. Аянты 44,1 миң *км*². Калкы 868 миң (1970). Областта 10 админ. район, 2 шаар, 14 ш. т. посёлок бар. Борбору — Астрахань.

Жаратылышы. А. о. Волганын Каспий деңизине куйган жериндеги ойдуңда жайгашкан. Жеринин бети түп-түзөң, деңиз деңгээлинен төмөн (түндүгүндө бийикт.— 2,7 *м*, түштүгүндө —27,5 *м*) жатат. Климаты кескин континенттик, январдын орт. темп-расы түндүгүндө — 9,7°C, түштүгүндө — 6,9°C; июлдуку түндүгүндө 24,5°C, түштүгүндө 25,1°C. Жылдык жаан-чачын түндүгүндө 244 *мм*, түштүгүндө 175 *мм*. Областтын терр-ясынан Волга ж-а андан бөлүнүп чыккан Ахтуба д-сы өтөт. Волга м-н Ахтубанын ортосунда Волга-Ахтуба жайылмасы жатат. Жарым чөлдөрүндөгү эрмен, шыбак ж-а шыралжын өсүмдүктөрү мал чарбасынын тоют базасын түзөт. Калкынын көбү орустар, булардан башка казак, татар ж. б. улуттар жашайт. Калк негизинен Волга-Ахтуба жайылмасы м-н Волганын дельтасында отурукташкан.

Чарбасы. А. о-да негизинен машина куруучу, жыгач иштетүүчү, кагаз-целлюлоза ө. ж., жашылча-бакча, жүн, эт, сүт берүүчү мал чарбачылыгы өнүккөн. Ө. ж-да балыкчылыктын мааниси чоң: осетр, судак, лещ, сазан ж. б. балыктарын кармоо б-ча СССРде 1-орунда турат. Баскунчак көлүнөн кайнатма туз (СССРде 1-орунда) алынат. Машина куруучу ишканалар балык ө. ж-нын, дарыя ж-а т. ж. транспортун, кеме ж-а магистралдык тепловоздорду оңдоону тейлейт. Сал жыгачынан тактай тилүү, челек жасоо, тара жасоого керектелүүчү картон, целлюлоза ж-а кагаз чыгаруу ж-а химия ө. ж. да өнүккөн. Баскунчак көлүнө жакын жерден гипс ж-а алебастр алынат. Волга-Ахтуба жайылмасы м-н Волганын дельтасы жашылча, бакча, багбанчылык ж-а шалы айдоого ыңгайлуу. Областта 68 мектеп, 20 атайын орто, 3 жог. окуу жайы (пед., мед. ж-а балык о. ж-нын тех. ин-ту) ж-а 2 театр (Астраханда), 395 китепкана, 423 клуб, 452 кинотеатр, 2 музей бар. «Волга», «Комсомолец Каспия» аттуу обл. газеталар чыгат. Астрахань ш-да теле борбор, Астраханга жакын жерде баткак м-н дарылоочу Тинаки курорту (1820-ж. негизделген) бар.

Ад.: Народное хозяйство Астраханской области за 50 лет. Статистический сборник, Волгоград, 1957; Атлас Астраханской области, М., 1968.

АСТРАХАНЬ ХАНДЫГЫ — *Алтын Ордонун* бытырашынын натыйжасында түзүлгөн 15-к-дын орто чениндеги татарлардын феод. мамлекети (борбору — Астрахань). Чыг. жагы Ногой ордосу м-н чектешип, түш. жагы — Терек, бат. жагы — Кубань, Дон д-ларына, түн. жагы Сарай ш-на чейин созулган. Калкынын негизги кесиби: көчмөн мал чарбачылык, аңчылык, балыкчылык, туз өндүрүү ж-а дыйканчылык. А. х. Чыгыш м-н кездеме, жибек соодаларын жүргүзүүнүн борбору болгон. Тышкы саясат жагынан А. х. адегенде *Чоң Ордого*, андан кийин ногойлорго ж-а *Крым хандыгына* дайыма көз каранды болгон. Андан кутулуу максатында А. х. орус мамлекети м-н жакындашып, 1533-ж. союздашуу договорун түзөт. Каспий деңизине чыгууга, крымдыктар м-н түрктөрдүн кол салууларынан коргонууга кызыккан орус мамлекети 1554-ж. А. х-на жортуул жасап, Крым хандыгы тарабынан коюлган Жамгырчы (Ямгурча) ханды кулатып, анын ордуна Исмаил Дервиш-Алини падыша *Иван IV*нүн вассалы катарында коёт. А. х. Россияга 1556-ж. биротоло кошулат.

АСТРО... (гр. ástron — жылдыз) — татаал сөздөрдүн мааниси жагынан «жылдыз», «жылдыздуу» (мис.: *астрология, астрограф)* деген сөздөргө туура келүүчү составдык бөлүгү. А-нун азыр мааниси кеңейди. Мис., «астрономия» деген сөздөгү «астро...» астрономияда изилдене турган планеталар, кометалар, жылдыздар, тумандуулук, галактикалар ж. б. объектилерге карата да колдонулат.

АСТРОБИОЛОГИЯ — Ааламдагы тиричиликти изилдөө ж-дөгү илим. А. Ааламдагы ар кандай орундарда эң жөнөкөй орг. клеткалардын жаралышын ж-а аларда жашоонун жог. формасына өтүп жетилишин изилдейт.

Изилдөө иштеринин мүнөзүнө жараша А. Күн системасынын чегинен тышкарку башка галактикаларды ж-а Күн системасындагы планеталарды изилдөөлөргө бөлүнөт. Күн системасындагы планеталарга космостук изилдөөлөр, асыресе «Марс», «Венера» тибиндеги сов. космос кемелеринин, «Луноходдун» изилдөөлөрү, о. эле Америка космос кемелеринин учурулушу Меркурийде, Чолпондо ж-а Айда тиричиликтин болушу мүмкүн эмес экендиги ж-дөгү корутундулардын тууралыгын далилдеди. Марс планетасы Жерге эң эле окшош: андагы басым 10 *мбар*, темп-ра күндүз 30°С, түнкусун — 70°С, атмосферасында H_2O, CO_2 ж-а O_2 кездешет. Мындай шарттарда Жер бетиндеги сыяктуу микроорганизмдердин жандануусына мүмкүндүк түзүлөт. Анын бетиндеги кара тактар чак бороондорунун, ал эми «уюлдук ак шапкалар» кыроонун пайда болушу м-н түшүндүрүлөт. Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун ж-а Плутон планеталарында тиричилик бар дешке эч кандай негиз жок, алардын атмосферасы аммиак ж-а метан, ал эми тышкы катмарлары гелий-суутектерден турат. Жер бетиндеги тиричиликтин келип чыгышы ж-дө эки ил. божомол бар: биринчиси — тиричилик биздин планетада белгилүү бир шартта эң жөнөкөй көмүртек, суутек бирикмелердин пайда болушу м-н башталган; экинчиси — тиричилиги космос мейкиндигинен алынып келинген (метеориттер м-н). Спутниктер аркылуу акыркы спектрометрдик өлчөөлөр б-ча космостогу суунун бош молекулаларынын ж-а формальдегиддердин эң жөнөкөй углеводороддун бирикмелери бар экени табылды. Алар жеке эле Жер шарында эмес, Ааламдагы башка планеталарда да жашоо тиричиликтин чыгышына себепкер болушу ыктымал. Метагалактикадагы жылдыздардын жалпы саны 10^{11} болсо, алардын миллиондон биринде планета группалары бар деп эсептегенде, ал планеталардын 100 миңге жакынында Жердегиден кем эмес жашоо болушу ыктымал. Жакынкы жылдарда башка жылдыздарга космостук кемелерди жиберүүнү ишке ашыруу ж-дө айтуу өтө кыйын, себеби планеталары бар, Күнгө жакыныраак деп эсептелген жылдыздар ε Эридан 3,5 ж-а τ Кит 3,9 *пс* (1 *пс* = 206265 *а. б.* = 3,086·10^{13} *км*) аралыкта турат (аларга 3-космос ылдамдыгы м-н учуп жетүү 10^5 жыл талап кылат). Ааламдын башка бөлүктөрүндөгү цивилизацияны изилдөөнүн бирден-бир куралдары Жердин спутнигине (Айга) ж-а ири астероиддерге орнотулуучу астрон. лазер, оптика ж-а радио түзүлүштөрү, радиотелескоптор болуп эсептелет.

Ад.: Любарский К. А., Очерки по астробиологии, М., 1962; Шкловский И. С., Вселенная, жизнь, разум, 2 изд., М., 1965; Урсул А. Д., Освоение космоса, М., 1967; Внеземные цивилизации, под. ред. С. А. Каплана, М., 1969.

АСТРОБОТАНИКА — астробиологиянын Күн системасындагы планеталарда өсүмдүктөрдү изилдөөгө байланышкан бөлүмү. Бардык планеталардын ичинен (Жерден башка) Марста гана өсүмдүктөрдүн болушу мүмкүн. Бул Күн системасындагы планеталарды космостук изилдөөдө изилденген. Марстагы өсүмдүктөр уюл алкагындагы же 5000 *м* бийиктиктеги жөнөкөй өсүмдүктөргө окшош келип, мохко же эңилчекке түспөлдөш деп болжолдонот. А-нын өнүгүшү сов. илимпоз Г. А. Тиховдун ысмы м-н байланыштуу.

АСТРОГНОЗИЯ (*астро...* ж-а гр. gnosis — билүү) — асмандагы айрым жылдыздарды ж-а топ жылдыздарды таанын, жылдыздуу асманды толук билүү, к. *Топ жылдыздар*.

АСТРОГРАФ (*астро...* ж-а гр. grapho — жазамын) — асман телолорунун сүрөтүн тартуучу астрон. аспап. А. рефрактордук, рефлектордук же күзгүлүү-линзалуу телескоптордун (Шмидттин ж-а Максутовдун телескоптору ж. б.) схемасы б-ча түзүлөт. А-тын окуляр орнотулган учуна фотопластинка салынган кассета жайлаштырылат да, ал асман сферасынын суткалык кыймылы м-н бирге айлануучу атайын жасалган саат механизми м-н жүргүзүлөт ж-а негизги трубага жарык орнотулган экинчи оптикалык трубанын жардамы м-н текшерилип турат. А-тын негизги мүнөздөмөсү — объективдин фокустук аралыгы. Асман сферасынын чоң бөлүгүндөгү жылдыздарды, метеорлорду, Жердин жасалма спутниктерин, кометаларды ж-а планеталарды сүрөткө тартуу үчүн фокус аралыгы 1 *м* ден кичине, жылдыздардын ж-а планеталардын алган ордун, жылдыздардын кыймылын так аныктоодо фокустук аралыгы 1 *м* ден чоң болгон А-тар пайдаланылат. Узун фокустуу (10-15 *м*) А. жог. тактыктагы чоңдуктарды, мис., жылдыздардын параллаксын, кош жылдыздарды өлчөөдө пайдаланылат. Күзгүлүү А-тын жарыгы күчтүү болуп, кыска убакыттын ичинде начар жарык чыгаруучуларды тартып алууга мүмкүндүк берет.

АСТРОДИНАМИКА — асман телолорунун (Айдын, Жердин жасалма спутниктери, планета аралык автоматтык станциялар ж. б.) кыймылын үйрөнүүгө арналган асман механикасынын бөлүмү. А. СССРде, Жердин 1-жасалма спутниги учурулгандан кийин (1957), өтө тез өнүктү. Ал «космодинамика», «асман баллистикасы», «космоско учуу механикасы» деген терминдер м-н да аталат. Классикалык асман механикасында Ньютондун тартылуу закону б-ча асман телолорунун өз ара тартылышы айтылса, А-да ага кошумча Жер атмосферасынын каршылыгы, Күн нурунун басымы, Жердин магнит талаасы, космостук аппараттардын автоматтык түрдө же болбосо Жерден берилген буйрук б-ча башкарыла тургандыгы эске алынат. Кийинки убактарда жасалма телолордун орбиталарын аныктоо үчүн ЭЭМдер колдонулат. Анын жардамы м-н жасалма асман телолорун учуруу шарттары ж-а алардын кыймылын алдын ала белгилеп көрсөтүүчү башкаруу программалары түзүлөт.

АСТРОИДА (гр. aster — жылдыз, eidos — түр) — тегиз ийри сызык, к. *Сызык*.

АСТРОКОЛОРИМЕТРИЯ (*астро...*, лат. color — түс ж-а гр. metréo — өлчөйм) — асман объектилеринин, негизинен жылдыздардын түстөрүн аныктоочу практикалык астрофизиканын бөлүгү. Асман объектилеринин түстөрүн алардан чыккан жарыктын толкун узундуктары б-ча табууга болот. Кийинки убакта фотокатоддорго асман объектисинен келип түшкөн жарыктын ар түрдүү спектрдеги агымдарын электрофотометриялык салыштыруу жолу м-н аныктоо кеңири колдонулууда. А-да көбүнчө жарыктын 3 түрдүү спектри (көзгө көрүнгөн, көк, кызгылт көк) колдонулат.

Ад.: Мартынов Д. Я., Курс практической астрофизики, 2 изд., М., 1967.

АСТРОЛОГИЯ (*астро...* ж-а гр. lógos — окуу) — асмандагы жарык чыгаруучулардын, айрыкча планеталардын жайланышы б-ча келечекти билүүгө болот деген жалган окуу. Бул илимде жаратылыштагы ар кандай кубулуш-



Параддык ж-а параддык-салтанат кийим формалары: 1 — Советтер Союзунун Маршалы; 2 — авиациянын башкы маршалы; 3 — инженердик аскерлер маршалы; 4 — армиянын генералы; 5 — генерал-полковник; 6 — генерал-лейтенант; 7 — генерал-майор; 8 — полковник; 9 — подполковник-инженер; 10 — капитан; 11 — старшина; 12 — старший сержант; 13 — сержант; 14 — кенже сержант; 15 — ефрейтор; 16 — катардагы солдат. **Күндөлүк кийим формалары:** 17 — Советтер Союзунун Маршалы; 18 — артиллериянын башкы маршалы; 19 — генерал-полковник; 20 — полковник; 21 — капитан; 22 — прапорщик. **Талаа кийим формалары:** 23 — Советтер Союзунун Маршалы; 24 — авиациянын маршалы; 25 — генерал-полковник; 26 — полковник; 27 — капитан; 28 — старшина. **Аскердик окуу жайларынын курсанттарынын кийим формалары:** 29 — курсант-сержант; 30 — курсант-кенже сержант; 31 — курсант-ефрейтор; 32 — Суворов аскердик окуу жайынын курсанты. **Параддык ж-а параддык-салтанат кийим формалары (Аск.-дец. фл-да):** 33 — Советтер Союзунун флотунун адмиралы; 34 — флоттун адмиралы; 35 — адмирал-инженер; 36 — инженердик-техникалык кызматтын генерал-полковниги; 37 — вице-адмирал; 38 — 1-рангдагы капитан; 39 — 2-рангдагы капитан-инженер; 40 — медицина кызматынын майору; 41 — капитан-лейтенант; 42 — капитан-лейтенант-инженер; 43 — старший лейтенант-инженер. **Күндөлүк кийим формалары (АДФта):** 44 — Советтер Союзунун флотунун адмиралы; 45 — адмирал; 46 — 1-рангдагы капитан; 47 — мичман; 48 — прапорщик; 49 — башкы кораблдик старшина; 50 — башкы старшина; 51 — 1-статьядагы старшина; 52 — 2-статьядагы старшина; 53 — старший матрос; 54 — матрос. **Аскер-деңиз флотундагы курсанттардын формалары:** 55 — башкы кораблдик курсант-старшина; 56 — 1-статьядагы курсант-старшина; 57 — 2-статьядагы курсант-старшина; 58 — курсант-старший; 59 — курсант; 60 — нахимовчу.









Аалам, Астрономия макаласына. 1. Бүркүт ж-а Ак куу топ жылдызындагы Саманчы Жолунун бөлүгү. Сүрөттө караңгы ж-а жарык чөйрөлөр («тумандуулук» ж-а «булуттар») көрүнүп турат. 2. Андромеда топ жылдызындагы спираль галактика М31. 3. Вероника Чачы топ жылдызындагы галактика. 4. Магеллан Булуту тибиндеги NGC 4449 туура эмес формалуу галактика. 5. Тайган топ жылдызындагы спутниги бар спираль галактика. 6. Үч бурчтук топ жылдызындагы спираль галактика. 7. Бир бирине кошоктошкон галактикалар







тар (күн м-н түндүн, жыл мезгилинин алмашып турушу, мал чарбачылык, дыйканчылык, аңчылык үчүн ыңгайлуу шарттардын түзүлүшү ж. б.) Жердин өз огунда, Күндүн айланасында, асман жарык чыгаруучулардын суткалык, жылдык орун алмашып турушуна байланыштуу дешкен. Асман жарык чыгаруучуларынын орун алмашышы м-н жаратылыштын кубулуштарынын ортосундагы байланыштын көрүнүшү, жарык чыгаруучулардын орун алышы адамдардын турмушуна таасир этет деген жалган «идеяны» үйрөткөн. Аны жактагандар адам төрөлгөндө, планеталардын жайланышына, алардын топ жылдыздар м-н горизонттун бөлүктөрүнө карата орун алышына карай *гороскоп* түзүшөт. Гороскоп адамдын келечектеги тагдырын алдын ала айтууга мүмкүндүк берет имиш деп эсептелген. Дүйнөнүн гелио борб. системасы ж-дөгү Коперниктин окуусу А-нын таасирин басаңдаткан болучу.

АСТРОМЕ́ТРИЯ (*астро...* ж-а *...метрия*) — астрономиянын бир бөлүгү; астрон. өлчөөлөр үчүн координаталардын негизги инерциялык системасын түзүү ж-а байкоо б-ча асмандагы түрдүү объектилердин так ордун, кыймылын аныктайт. Жердин айлануусун үйрөнүү, убакытты эсептөө иши да А-га кирет. А. методу асман телолорунун параллаксын, бурчтук диаметрлерин, алардын бетиндеги перселердин өлчөмүн, жайланышын ченейт. Асман объектилеринин көзгө көрүнгөн кыймылдарын, жайланышын матем. метод м-н үйрөнүүчү сфералык астрономия ж-а Жерде убакытты, геогр. координаталарды, азимутту аныктоого арналган куралдар ж-а методдор ж-дөгү окуу — практикалык астрономия да А-га кирет. 20-к-дын 50—60-жылдарында космостук изилдөөлөрдүн өсүшүнө байланыштуу жасалма спутниктердин координаталарын аныктоо, Айдын бетинен ж-а космостук аппараттардын ичинен астрон. ченөөлөрдү жүргүзүү, аларга багыт берүү сыяктуу жаңы маселелер пайда болду. А-нын маалыматтары астрономиянын *асман механикасы*, *астрофизика*, жылдыздар астрономиясы, *геодезия*, *геофизикада* кеңири колдонулат. Фундаменттик А-нын милдети — астрон. туруктуу чоңдуктардын сан маанилерин аныктоо, жылдыздардын абалын ж-а өздүк кыймылдарынын каталогдорун түзүү. 20-к-дын ортосунда Жердин өз огунда айлануу мезгили туруктуу эмес экендиги аныкталды. Айрым жылдыздардын каталогун б. з. ч. 4-к-да эле Ши Шэнь (кытай астроному) түзгөн. Байыркы Грециянын астроному *Гиппарх* прецессия кубулушун ачуу м-н 1022 жылдыздын каталогун түзгөн. 15-к-да *Улугбек* бул жылдыздарды Самаркан обсерваториясында кайтадан изилдеп чыккан. Фотогр. А-га негиз салуучу С. К. Костинский изилдей баштаган 18 миң жылдыздын кыймылын сов. астроном А. Н. Дейч 1941-ж. изилдеп чыккан.

Ад.: Загребин Д. В., Введение в астрометрию, М.—Л., 1966.

АСТРОНА́ВТ (*астро...* ж-а гр. náutes — деңизде сүзүүчү), к. *Космонавт*.

«АСТРОНОМИ́ЧЕСКИЙ КАЛЕНДА́РЬ» — Бүткүл союздук астрономия-геод. коомунун астрон. календары. «А. к.» жылына бир жолу чыгат. Эң алгачкы «А. к.» 1895-ж. нижегороддук физиктер м-н астрономияга ышкыбоздордун кружогунда түзүлүп, «Русский астрономический календарь» деген ат м-н 1934-жылга чейин чыгып турган. «А. к-да» белгилүү астрон. маалыматтар, таблицалар (Күндүн, Айдын тутулуу мезгилдери, айрым планеталардын көрүнүү мезгили ж. б.), астрон. кубулуштар ж-дө жазылат. «А. к.» астрономияга кызыгуучуларга, мугалимдерге арналып, астрон. адистерин даярдоодо окуу куралы катарында колдонулат.

АСТРОНОМИЯ (гр. astronomia, *астро...* ж-а nomos — закон) — асман телолорунун системалары ж-а түзүлүшү, бүткүл Аалам ж-дөгү илим. А. Күн системасындагы телолорду, жылдыздарды, алардын мейкиндиктеги бөлүнүштөрүн, физ. касиеттерин, пайда болушун, өнүгүшүн ж-а өз ара аракеттеништерин үйрөтүп, Ааламдын түзүлүшү ж-дө чыныгы матер. түшүнүк алууга жардам берет. А. матем., физ. ж-а механиканын кээ бир бөлүмдөрү м-н тыгыз байланышта болуп, бул илимдердин жетишкендиктери А-да пайдаланылат да, А. болсо алардын өнүгүшүнө таасирин тийгизет. А. байыркы заманда эле Кытайда, Египетте, Индияда ж-а Грецияда өнүккөн. 15-к-да өзбек астроному *Улугбек* Самарканда обсерватория салдырып, аны чоң секстант м-н жабдып, 1019 жылдыздын каталогун ж-а планеталардын кыймылынын таблицасын түзгөн. 1543-ж. поляк окумуштуусу Н. *Коперниктин* «Асман сфераларынын айланышы жөнүндө» деген атактуу эмгеги чыккан. Н. Коперник ачкан жаңылыкка таянып, итал. окумуштуулар Дж. *Бруно*, Г. *Галилей* гелио борб. системаны колдоп чыгышты. И. *Кеплер* планеталардын кыймылынын үч законун ачкан. 17-к-дын аягында И. *Ньютон* бүткүл дүйн. тартылуу законун ачып, Күн системасындагы телолордун кыймылын үйрөнүүгө колдонгон. 1761-ж. М. В. *Ломоносов* Чолпон планетасынын атмосферасы бар экенин ачкан.

А. асман телолорун үйрөнүүгө карата бир нече бөлүмгө бөлүнөт. *Сферикалык астрономияга* ар кандай куралдарды колдонуп, геогр. координаталарды, убакытты матем. жол м-н аныктоо кирет. *Практикалык астрономияга* асман телолорунун, жасалма спутниктердин, космостук кемелердин кыймылын үйрөнүү, ал эми механиканын негизги закондорун ж-а бүткүл дүйн. тартылуу законун колдонун изилдөөчү асман механикасы, о. эле асман телолорунун кыймылынын траекториясын аныктоо теориялык А-га кирет. *Радиоастрономия* — радио толкунун чыгаруучу космостук булактардын касиеттерин ж-а жайланыштарын, *космогония* — асман телолорунун пайда болушун ж-а өнүгүшүн, баарынан мурда Галактиканын пайда болушун ж-а өнүгүшүн изилдейт. Акыркы учурда астрофизикадан теориялык физикага жакын болгон *теориялык астрофизика* бөлүнүп чыкты. 1957-ж. 4-октябрда СССРдө дүйнөдө 1-болуп Жердин жасалма спутниги учурулган. Айдын түздөн-түз үстүнө, Чолпондун ж-а Марстын беттерине жакынкы аралыктан жүргүзүлгөн изилдөөлөр А. илимине улам жаңы ачылыштарды берүүдө. СССРдө А. б-ча ар кандай ил. үйрөнүүлөр эң кубаттуу астрон. жаңы техника м-н жабдылган обсерваторияларда жүргүзүлүп жатат.

Ад.: Воронцов-Вельяминов Б. А., Мир звёзд, М., 1952; Бакулин П. И., Кононович Э. В., Мороз В. И., Курс общей астрономии, М., 1966.

АСТРОНОМИЯ КОМПАСЫ — асман объектисине карата учуучу аппараттын, сууда ж-а суу астында сүзүүчү кеменин чыныгы ж-а ортодромия курсун аныктоочу борттогу навигация оптика прибору. Ал асман объектисинин курстук бурчун өлчөй турган пеленгатордон, азимут эсептөөчү, курсту көрсөтүүчү ж-а жардамчы блоктордон турат. А. к. Жердеги ар кандай орундарда, ар кандай чоңдуктагы ылдымдыкта ж-а учуу бийиктигинде курсту өлчөөгө мүмкүндүк берет.

АСТРОНОМИЯ КООМДОРУ — астрономдорду ж-а аны өз алдынча окуп үйрөнүүчүлөрдү бириктирген улуттук же эл аралык коомдук уюмдар. Анын максаты — астрономиядагы ил. изилдөөлөрдү координациялоо, өз ара ишкердүү кызматташтык мамилелерди түзүү, ил. материалдарды алмашуу ж-а астрон. илиминин жаңылыктарын эл арасына таратуу. Улуттук А. к. көпчүлүк өлкөлөрдө бар. Мис., СССРдө 1932-ж. Бүткүл союздук астрон.-геод. коому уюшулган. Буга 1908-ж. Москвада, 1890-ж. Ленинградда ж. б. шаарларда уюшулган А. к. кирген. 1919-жылдан Эл аралык астрон. союз (ЭАС) иштейт. Ал союз ар бир 3 жылда өзүнүн съездин өткөрүп турат. ЭАСтын 10-съезди 1958-ж. Москвада болгон.

АСТРОНОМИЯЛЫК БЕЛГИЛЕР — астрон. ад-ттарда, карта м-н календарларда колдонулуучу шарттуу белгилер. Асмандагы жарык чыгаруучулар (жумадагы күндөр), зодиак жылдыздары (12 ай) ж-а Айдын фазалары ж. б-лар төмөнкүдөй белгиленет:

☉ — Күн (жекшемби)
☾ — Ай (дүйшөмбү)
♂ — Марс (шейшемби)
☿ — Меркурий (шаршемби)
♃ — Юпитер (бейшемби)
♀ — Чолпон (жума)

= Сатурн (планета)
= Уран
= Нептун
= Плутон
= Ай
= Спутник
= Сары ергежейлі (январь)
= Ақпан (февраль)
= Нақ (март, жаңа күн-түн теңелуі күні)
= Сәуір (апрель)
= Мамыр (май)
= Маусым (июнь)
= Шілде (июль)
= Тамыз (август)
= Қыркүйек (сентябрь, күзгі күн-түн теңелуі күні)
= Қазан (октябрь)
= Қараша (ноябрь)
= Желтоқсан (декабрь)
= Жоңғарлық ай
= Бірінші чеврей
= Үлкен ай
= Апогей чеврей
= Сатурнның сақинасы
= Перигелий, Күнге ең жақын (90° ұзындықтағы айырмасы)
= Күнге ең алыс (120° ұзындықтағы айырмасы)
= Күннің орташа қозғалысы
= Күннің ең үлкен теңдеуі

Справочник астронома. М., 1971.

АСТРОНОМИЯЛЫК ВИРДИК — Жердің күнге қатысты қозғалысын ескеретін уақыт. Уақыттың бірлігі ретінде Күннің екі қатарынан меридиан арқылы өтуінің орташа уақыты алынады. Ол — 24 сағ. Астрономиялық уақыттың бірі қатарында Гринвичтің 0 меридианы үшін есептелетін уақыт (Гринвичтік уақыт) қолданылады. Ал меридиандардың ішінде Гринвичтен шығысқа қарай 1 сағ. 15° (немесе 15 градус) сайын ауысып отырады. Мысалы, Алматы уақыты Гринвичтен 5 сағ. ілгері болса, Мәскеу уақыты 3 сағ. ілгері болады. Бұл уақыт белдеулік уақыт деп аталады. Ал Ресейдің Еуропалық бөлігінде, Украинада, Беларуссияда, Молдавияда, Литвада, Латвияда, Эстонияда қолданылатын уақыт — Мәскеу уақыты деп аталады. Ол Гринвичтік уақыттан 3 сағ. ілгері болады. Қазақстанның Батыс облыстарында Самара уақыты қолданылады. Ол Гринвичтік уақыттан 4 сағ. ілгері болады. Қазақстанның Шығыс облыстарында Новосибирск уақыты қолданылады. Ол Гринвичтік уақыттан 6 сағ. ілгері болады. Халықаралық келісім бойынша Гринвичтік уақыт 180° меридианнан (Тынық мұхитта) өтетін сызықтың оңтүстігінде 24 сағ. ілгері болады. Ал солтүстігінде 24 сағ. кейін болады. Осы сызықтың маңында Күнтізбенің бір күні екінші күнге ауысады. Сондықтан бұл сызық Халықаралық күнтізбенің сызығы деп аталады. Ол Беринг бұғазынан басталып, Тынық мұхитта Гринвичтен 180° шығысқа қарай өтіп, Жаңа Зеландияның оңтүстігінен Антарктидаға қарай созылады. Ресейдің Еуропалық бөлігінде, Украинада, Беларуссияда, Молдавияда, Литвада, Латвияда, Эстонияда қолданылатын уақыт — Мәскеу уақыты деп аталады. Ол Гринвичтік уақыттан 3 сағ. ілгері болады. Қазақстанның Батыс облыстарында Самара уақыты қолданылады. Ол Гринвичтік уақыттан 4 сағ. ілгері болады. Қазақстанның Шығыс облыстарында Новосибирск уақыты қолданылады. Ол Гринвичтік уақыттан 6 сағ. ілгері болады. Халықаралық келісім бойынша Гринвичтік уақыт 180° меридианнан (Тынық мұхитта) өтетін сызықтың оңтүстігінде 24 сағ. ілгері болады. Ал солтүстігінде 24 сағ. кейін болады. Осы сызықтың маңында Күнтізбенің бір күні екінші күнге ауысады. Сондықтан бұл сызық Халықаралық күнтізбенің сызығы деп аталады. Ол Беринг бұғазынан басталып, Тынық мұхитта Гринвичтен 180° шығысқа қарай өтіп, Жаңа Зеландияның оңтүстігінен Антарктидаға қарай созылады.

АСТРОНОМИЯЛЫК ГЕОДЕЗИЯ — геодезияның астрон.-геод. тәсілдер жүйесі және оларды жүзеге асыру әдістерін зерттейтін бөлімі. Астрономиялық-геодезиялық жұмыстардың мақсаты — Жердің пішінін, фигурасын, гравитациялық өрісінің параметрлерін анықтау және Жер бетіндегі нүктелердің координаталарын астрономиялық өлшеулер арқылы анықтау. Астрономиялық-геодезиялық жұмыстар геодезиялық желілерді құруда, картаны жасауда, инженерлік-геодезиялық жұмыстарда, сондай-ақ ғылыми зерттеулерде қолданылады.

АСТРОНОМИЯЛЫК ЖУРНАЛДАР — Ғылыми және ғылыми-көпшілік журналдар. Ғылыми журналдарда астрономияның барлық салаларына, ғылыми-көпшілік журналдарда астрономияның ғылыми-танымдық мәселелеріне арналған мақалалар жарияланады. Ғылыми журналдар: Астрономический журнал Академии наук СССР (1924 ж.), Известия Академии наук СССР. Серия физическая (1933 ж.), Астрофизика (Ереван, 1965 ж.), Известия Крымской астрофизической обсерватории (1948 ж.), Известия Главной астрономической обсерватории в Пулкове (1893 ж.), Известия Главной астрономической обсерватории в Пулкове (1901 ж.), Известия Государственного астрономического института имени П. К. Штернберга (1923 ж.), Известия Государственного оптического института (1918 ж.), Известия Государственного радиевого института (1922 ж.), Известия Государственного рентгенологического и радиологического института (1921 ж.), Известия Государственного физико-технического института (1921 ж.), Известия Государственного электротехнического института имени В. И. Ленина (1921 ж.), Известия Ленинградского политехнического института (1901 ж.), Известия Ленинградского электротехнического института имени В. И. Ульянова (Ленина) (1922

Табигый А. негизинен нефтиден пайда болуп, нефтиден мальтка, андан асфальтитке айланат. А. жаратылышта составы 2—20%ке чейин асфальтити бар аки таш тегинин, доломиттин ж. б. тоо тектеринин жарасында кезигет. Ал табиятта сейрек учурагандыктан, СССРде табигый же нефть битумунун негизинде даярдалган жасалма А. колдонулат. **Жасалма** А. майдаланган минералдык заттарга аралаштырылган 13—60% битумдан турат. Табигый А-тын составында нефть майы көп ж-а бир нече процент парафин болот. А. күкүмдөрүн ысытуу убагында аларды табигый же нефть битуму м-н аралаштырып, А. мастикасын даярдайт. А. мастикасы өзүнчө курулуш материалы катарында да гидротех. ж-а жол курулуштарында кеңири пайдаланылат. А. мастикасы бир өңчөй түзүлүштө болууга ж-а андагы битумдун кошундусу б-ча салм. 13%тен кем болбоого тийиш.

АСФИКСИЯ (гр. asphyxia — тамырдын согпой калуусу) — дем алуунун токтоп же начарлап калышынан организмде кычкылтек азайып, көмүр кычкыл газынын көбөйүп, өпкө-жүрөктүн иштеши бузулуп же токтоп калуусуна дуушар кылуучу өзгөчө оорулуу абал. Бул абалда дем алуу жолдорунда пайда болгон түрдүү себептерден (ооз, мурун көңдөйчөлөрү жабылып калганда, муунганда, сууга чөккөндө ж. б.) абанын өпкөгө келиши биротоло токтойт. Дем алууну башкарган борб. нерв системасынын хим. заттар м-н ууланышынан да А. пайда болот. А-ны дарылоодо 1-ирет дем алууга жолтоо кылган себептерди четтетип, өпкөгө абанын тоскоолсуз кирип-чыгып туруусуна шарт түзүү, жасалма дем алдыруу ж-а кычкылтек жыттатуу керек.

АСЦИДИЯ (Ascidiae) — хордалуулар тибинин өкүлү. Денеси баштык түрүндө, төмөн жагы м-н деңиздин түбүнө жабышып жылып жүрөт, үстү жагында ооз ж-а клоака тешикчеси бар. Денеси калың чел м-н капталган. А-лар жупташуу ж-а клеткаларынын бөлүнүшү аркылуу көбөйөт. Личинкасы хордалуу, көнөк баш сыяктуу сууда жакшы сүзөт; кулкуну, бакалоор тешикчеси, узун куйругу бар, деңиз түбүнө жабышып, бара-бара куйругунан айрылат. Жетилген А-да хорда болбойт. Орус окумуштуусу А. О. Ковалевский 1866-ж. личинканын бул өзгөчөлүгүнө карай анын хордалууларга таандык экенин аныктаган. Жер шарынын бардык деңиздеринде А-нын 150гө жакын түрү жашайт. А-нын бирден ж-а топтошуп жашаган түрү бар.

АСЦИТ (гр. askós — суюктук) — суюктуктун ич көңдөйүнө толушу. А. көбөйгөндө, ич көөп, көлөмү чоңоюп, териси жукарып, кеңейген вена кан тамырын көрүүгө болот. Суюктук 30 л ге чейин жетиши мүмкүн, ал денесинин кыймылына жараша которулуп турат. А. жүрөктүн оорусунда, кандын жалпы айлануусунун бузулушунан же башка оорулардын таасиринен ичтин көңдөйүндө кандын токтоп, солгун жүрүшүнөн пайда болот. А-ти дарылоо негизги ооруга карата жүргүзүлөт. Ичте суюктук көбөйүп кеткенде, оорунун абалын жеңилдетүү максатында троакар м-н суюктукту чыгарат.

АСЫЙ — төрт жаштагы бодо. Малдын жашын тиши аркылуу аныктоого болот. Бул көбүнчө жылкы чарбасында колдонулат. Жылкы А. болгондо, ортоңку кашка тиши түшүп, анын ордуна туруктуу кашка тиш чыгат. Жылкынын жашы улам илгерилеген сайын анын тишиндеги чуңкурлар жоюлат да, 10—12 А-ында кашка тиштери 3 бурчтуу формага айланат, к. *Малдын жашы*.

АСЫЛ ЖАНА КООЗ ТАШТАР — жаратылышта сейрек ж-а аз өлчөмдө кездешүүчү кымбат баалуу минералдар м-н тоо тектер. А. ж-а к. т-дын баалуулугу алардын жаратылышта сейрек учуроосу, издөө ж-а казып алуу үчүн көп жумуштун сарп кылынышы, кырдап жылмалоонун кымбаттыгы, о. эле ар бир таштын өзүнө тиешелүү сапаты, өлчөмү, бир түрдүүлүгү, өңүнүн кооздугу д. у. с. белгилери б-ча аныкталат.

Асыл таштарга (А. т.): түссүз же өңү кооз, тунук, жалтырак, катуу, ж. б .касиеттерге ээ минералдар, көбүнчө алардын кристаллдары кирет. А. т. баалуулугуна жараша 3 класска бөлүнөт: *алмаз*, сапфир, рубин, *изумруд, александрит*, хризоберилл, асыл шпинель, эвклаз ж-а бермет (жемчуг) (1-класс); топаз, берилл (аквамарин, воробьевит, гелиодор), кызгылт турмалин (рубеллит), фенакит, демантоид (урал хризолити), *аметист*, альмандин, пироп, уваровит, хромдиопсид, циркон (гиацинт, сары ж-а жашыл циркон), асыл опал (2-класс); бирюза, жашыл *турмалин, кордиерит, сподумен* (кунцит), диоптаз, эпидот, тоо хрусталы, күңүрт кварц (раухтопаз), ачык аметист, *акак* таш (сердолик), гелиотроп, хризопраз, чала опал, *агат, талаа шпаттары* (күн таш, ай таш) *содалит*, пренит, *андалузит, диопсид, гематит* (кровавик), *пирит, рутил*, янтарь, гагат (3-класс). Акыркы класстагылардын чаңдасы гана жогору бааланып, көпчүлүгү чала асыл таш деп да аталат.

Кооздук таштарга (К. т.): ири көркөм кооздук (ваза, столешница, там боорунун панносу, мозаика ж. б.), оюу-чийүү, орнаменттөө ж-а архит. көркөмдөө иштеринде, о. эле техникада пайдаланылуучу чала жаркырак (яшма, нефрит, малахит ж. б.) кооз оймо-чиймелери бар, көбүнчө тунук эмес минералдар м-н тоо тектер кирет. К. т. да 3 класска бөлүнөт: нефрит, *жадеит*, лазурит, содалит, главколит, *амазонит, лабрадор*, орлец (родонит), *малахит*, авантюрин, кварцит (белоречит), күңүрт ж-а кызгылт кварц, *халцедон* (перелифт, празем), агат, яшма, *везувиан* (калифорнит), жазуу *граниты* (1-класс); серпентин (змеевик), агальматолит, стеатит, селенит, *ангидрит*, обсидиан, *мрамор оникси* (чыг. оникси), *флюорит, таш туз* (2-класс); гипс, алебастр, мрамор, *порфир, брекчиялар, кварцит* ж. б. (3-класс). Кээ бир А. т. жасалма ж-а синт. жол м-н алынат, мис.: алмаз, изумруд, корунд (сапфир, рубин), шпинель, түссүз рутил. А. ж-а к. т-дын кендери темир м-н магнийге бай магмалык тоо тектерде (алмаз, циркон, пироп ж. б.), гранит пегматиттеринде (берилл, изумруд, аквамарин, топаз ж. б.), минералдуу суунун чөгүндүсүндө (опал, тоо хрусталы, аметист, агат ж. б.), метаморфизмделген тоо тектерде (рубин, сапфир, лазурит, гранат ж. б.) кездешет. Айрым А. т. орг. жол м-н пайда болот (бермет, акак, янтарь). А. ж-а к. т-дын кендери СССРде: Урал (алмаз, яшма, малахит, мрамор, изумруд, топаз, аметист, бирюза, александрит ж. б.), Алтай (яшма), Байкал (лазурит), Чыг. Саян (нефрит), Сибирь (мрамор, агат, халцедон, тоо хрусталы, аквамарин), Кавказда (мрамор, халцедон), Калининград обл. (янтарь), О. Азия (мрамор, тоо хрусталы) ж. б. жерлерде жайгашкан. Кырг-нда роговик (Сулуу-Таш), аквамарин, изумруд (Күмүштаг), яшма (Арчалуу), мрамор оникси (Дөрө), мрамор (Новороссийка) сыяктуу К. т-тардын кендери бар. А. т. негизинен ювелирдик, кооздук-көркөмдөө иштеринде ж-а техникада колдонулат (к. *Алмаз*). Рубин м-н сапфир (негизинен синтетикалыктары) саат жасоодо ж-а так механизмдерде кеңири пайдаланылат. Тунук кварц, турмалин атайын оптикалык приборлордо, радио ө. ж-да колдонулат. Агат, халцедон так таразалар м-н өлчөө куралдарынын айрым тетиктерин жасоого керектелет. А. ж-а к. т. илгертен бери эле үлүлдүн кабыгы, сөөк, мүйүз өңдүүлөр м-н бирге мончок, тумар, шакек, билерик ж. б. үчүн кеңири пайдаланылган. Азыр да алар майда пластика иск-восунда (глиптика, көркөм оюу, скульптура), мебелдерди инкрустациялоодо, вазалар м-н кутучалардын шкатулкалардын бетин, бычак, айры, кашык ж. б-лардын саптарын кооздоп жасоодо кеңири колдонулат.

Ад.: Ферсман А. Е., Очерки по истории камня, т. 1, М., 1954; Петров В. С., Драгоценные и цветные камни, М., 1963; аль-Бируни-Абу Рейхан Мухаммед ибн-Ахмед, Собрание сведений для познания драгоценностей (Минералогия), Л., 1963.

АСЫЛ МЕТАЛЛДАР — оңой м-н эрибеген ж-а дат баспаган, жаратылышта сейрек кездешүүчү металлдар. Ас. м-га: алтын, күмүш, платина ж-а платина тобундагылар (иридий, осмий, палладий, родий, рутений) кирет. Ас. м. бар кендерди хим. реактивдердин суудагы эритмесин колдонуп, бөлүп алуу методуна М. В. Ломоносов негиз салган (1768). Ас. м-дын ичинен алтын, көбүнчө валюталык металл катарында, зергерлик буюмдарды жасоодо ж-а тиш салууда пайдаланылат. Ал жакшы созулуучу металл болгондуктан, каптоо иштери үчүн калыңд. 0,0002 *мм* келген жука калдыркандарды даярдоого болот. Күмүш да валюталык металл, бирок алтынга караганда техникада көбүрөөк (өткөргүч, электр контакты ж. б.) колдонулат. Платина жог. темп-рага чыдамдуу ж-а кислоталарга туруктуу болгондуктан, андан платина тигелдери жасалат.

АСЫЛ ТУКУМ ИШИ — малдын жаңы породасын чыгарууга, колдогу малды өстүрүүнү жакшыртууга, кунардуулугун, тукумчулугун, жумушка жарамдуулугун жогорулатууга багытталган зоотехниялык ж-а уюштуруу чаралар системасы. А. т. и-не адистештирилген асыл тукум мал өстүрүүчү чарбаларды уюштуруу, малдын аукциондорун өткөрүү, асыл тукум малды каттоо китептерин басып чыгаруу, малдын породасын өркүндөтүүгө көмөк берүүчү зоотехниялык ыкмаларды иштеп чыгуу ж-а аны иш жүзүнө ашыруу, асыл тукум кочкорду, букаларды, айгырды сыноо, колдон уруктандыруу үчүн аларды тандап алып, жерг. мал м-н аргындаштыруу, жаш малды талапка ылайык багып өстүрүү жумуштары кирет. Биздин өлкөдө А. т. и. 1918-ж. асыл тукум мал өстүрүүчү с-здорду түзүүдөн башталып, 1930—34-жылдан бери ирилештирилген атайын мамл. асыл тукум мал өстүрүүчү чарбалар уюштурулууда. А. т. и. фермалардын, чарбалардын өндүрүштүк тапшырмаларына жараша, сапаттуу ж-а арбын продукция алууга багытталат. Кырг-нда 1958-жылдан 16 асыл тукум завод, 11 асыл тукум с-з, 100гө жакын асыл тукум ферма уюштурулуп, ошол эле жылы асылдандыруу ж-а колдон уруктандыруу б-ча респ-калык мамл. станция иштей баштаган. А. т. и-не респ-канын а. ч. мин-восунун, обл. а. ч. башкармаларынын атайын бөлүмдөрү ж-а башкармалары жетекчилик кылат.

АСЫЛ ТУКУМ КИТЕБИ — асыл тукум ишин уюштуруунун негизги формаларынын бири. Мында мамл. маанилүү чара катарында атайын китеп чыгарылып, ага асыл тукум мал катталат, малдын продуктуулугу, теги, ж. б. ж-дөгү маалыматтар жазылат. Аны уюштуруу тууралу РСФСР Совнаркомунун 1918-ж. 19-июлдагы асыл тукум мал чарбасы ж-дөгү декретинде баса белгиленген. Ал асыл тукум ишинин породага, анын кунардуулугуна тийгизген таасирин талдоо ж-а корутундулоо жагынан адистерге көмөк көрсөтөт. Китеп малдын негизги түрлөрү б-ча жүргүзүлөт.

АСЫЛ ТУКУМ МАЛ — малдын кунардуу, таза тукуму. Таза кандуу ж-а көбүнчө 4-муундан жог. мал асыл тукум болуп саналат. А. т. м-ды бөлөк мал м-н аргындаштыруудан алынган төлгө алар өз кунардуулугу м-н пайдалуу сапатын бере алат. Мындай белгилер өзгөчө букада, кочкордо, айгырда болот. Ошондуктан асыл тукум кочкорду, буканы, айгырды куутка пайдаланганда чарбадагы малдын, о. эле породанын сапаты оңоло баштайт. Малдын сапатын өркүндөтүп, кунардуулугун жогорулатуу үчүн атайын асыл тукум чарбалар уюштурулат. Малдын сапаты анын кунардуулугу ж-а теги ж-дөгү документтер б-ча такталат. А. т. м. катары кыргыз уяң жүндүү коюн, ала-тоо уюн, кыргыз жаңы жылкысын мисал кылууга болот.

АСЫЛ ТУКУМ МАЛ ӨСТҮРҮҮЧҮ ЧАРБА, асыл тукум мал өстүрүүчү совхоз — азык-түлүктүү асыл тукум мал өстүрүүчү мамл. чарба. Бул чарбанын негизги багыты — асыл тукум мал өстүрүп, аны колхоз м-н совхоздорго көбүрөөк берип туруу. Биздин өлкөдө мындай чарбалар 1917-жылдан Совет мамлекетинин «Жер жөнүндө Декретине» ылайык уюштурула баштаган. Чарбада малдын тукумун ж-а алардын кунардуулугун жакшыртуу, кээ бир чарбада малдын жаңы породасын чыгаруу иши жүргүзүлөт. Мис., Союзга белгилүү Кострома обл-дагы «Караваево» с-зунда уйдун «Кострома» породасы чыгарылган. Мындай чарба А. т. м-ды өстүрүп, аларды башка чарбага таратууда зор роль ойнойт. Биздин өлкөдө кой-эчкинин 23, уйдун 10, жылкынын 14, чочконун 10, коёндун 6, бакма канаттуулардын 3 жаңы породасы чыгарылды. Кырг-нда асыл тукум мал өстүрүүчү 16 завод, 11 совхоз, малды асылдандыруу ж-а колдон уруктандыруу б-ча мамл. 13 станция бар. Мис., «Жоон-Төбө», «Катта-Талдык», «Кочкор», «Оргочор» сыяктуу з-ддор — кыргыз уяң жүндүү коюн, Кемин р-нундагы Ильич атн., Аламүдүн р-нундагы Стрельникова атн. з-ддор — ала-тоо уюн, Тянь-Шань тажрыйба-селекциялык станциясы — тянь-шань чала уяң жүндүү коюн, №№ 44, 53, 54, 113-жылкы з-ддору, «Яссы» с-зу — кыргыз жылкысынын жаңы породасын, Талас р-нундагы «Жергетал» з-ду олуя-ата уюн өстүрүүгө адистештирилген.

АСЫЛДЫК, сонундук — эстетиканын урунттуу категорияларынын бири. Жаратылыштагы, коомдук турмуштагы, адамдардын ишмерлигиндеги, иск-водогу кубулуштарды кучагына алат. А. категориясы сонун, сулуу деп аталган нерселер м-н гана чектелбейт, б. а., жаратылышта, коомдо, адамдын мүнөзүндө көп көрүнүш сулуу же сонун деп аталбайт, бирок асыл нерсе боло алат. Элдик түшүнүктө А. турмуш кубанычына ж-а табияттын толукшуп турушуна (мис., баажаз, жай, күн, соц. рев-я, сүйүү, бактырдык ж. б.) байланыштуу аныкталат. Идеализм (Платон, Кант, Гегель) А-ты духтун, аң-сезимдин касиети катарында карайт. Маркска чейинки материализм А-ты табигый сапатка алып барып такаган. Н. Г. Чернышевский А-ка турмуштун өзү, анын толук көрүнүшү катарында аныктама берген. А. түшүнүгү тарыхый мүнөзгө ж-а ар түрдүү типтардын көз карашында ар түрдүү мазмунга ээ. Диалек.-матер. эстетика А-ты коомдук-экон. практиканын продуктусу, чындыкта реалдуу жашаган сапаты катары карайт. Адам ага өз критерийинен баа берип, ошону м-н катар коомдук практиканын позициясынан мамиле жасайт. Демек, А. ж-а анын түшүнүгү — тарыхый конкреттүү көрүнүш. Өзүнүн кандай гана формасында көрүнбөсүн, ал — адам үчүн сүйкүм турмуш, болгондо да өнүп-өөрчүгөн жандуу турмуш. Ошондуктан адамга жаркын кубаныч алып келет, жан жыргаткан духовный рахат берет, андагы чыг-лык ишмерликти ойготот.

АТ — бычмал жылкы. А. айгырга караганда жоош келип, тез эттенет. А. түрдүү жумушка, мал чарбасы кеңири өнүккөн респ-каларда унаа катарында пайдаланылат, к. *Жылкы чарбасы*.

АТ АТООЧ — зат же анын белгилерин атабай туруп, аларды жалпы мааниде көрсөткөн сөз түркүмдөрүнүн бири. А. а-тордун мааниси сүйлөмдүн же речтин контекстинен такталып чечилет. А. а-тор өз ара *жактама* (мен, сен, алар), *шилтеме*, (бул ошо, тигил), *сурама* (ким, эмне, кандай), *тангыч* (эч ким, эч бир, эчтеме), *аныктыма* (бүткүл, ар ким, ар кайсы), *белгисиз* (кайсы бир, алда ким, бир нерсе) болуп бөлүнөт.

АТ ЖАБДЫКТАРЫ — атка минип, жүрүүгө керектелүүчү буюмдар ж-а шаймандар. Кыргыздын А. ж-на: *ээр, үзөңгү* (боосу м-н), *канжыга, көмөлдүрүк, куюшкан* (куткуну м-н), *басмайыл* (боосу, көрпөчө бастыргычы, тогоолору м-н), *желдик, тердик, ичмек, жүгөн* (тизгини м-н), *нокто* (чылбыры м-н), *көрпөчө, ат жабуу* ж. б. кирет. Аталган буюмдардын ар кайсынысы өзүнчө кызмат аткарат. Мис., үзөңгү жүргүнчү атка минип, түшүү үчүн керек ж-а атчан жүргөндө, кишинин бутуна таканч болуп, тең салмактуулугун сактайт; куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл ээрди ат жонунда бекем кармап, оодурбайт, алдыга же артка жылдырбайт. Тердик, ичмектер аттын жонун ээрге сүрдүрбөй, жоор болуудан сактайт, терин сиңирет; жүгөн, тизгин, нокто, чылбыр атты ийкемдүү башкаруу же байлап коюу үчүн керектелет. Кыргыздар илгертен эле көчмөн болгондугуна байланыштуу А. ж-нын аздыр-көптүр бүтүндөй турманын жасоого жетишкен. Бирок кыргыздардын байыркы мезгилдерде колдонуп жүргөн А. ж. азыркылардан алда канча жөнөкөй ж-а мажес болгондугу археол. казууулардын натыйжасында аныкталды. Мис., илгери кеңири колдонулуп

келгөн кийиз ээр, жыгач, мүйүз же коло тогоолор ж-а суулуктар кийинчерээк темир м-н алмашыла баштаган, үзөнгүлөр да, ээрге атайын тагылып коюла турган жыгач, мүйүз, жез, темир үзөңгүлөр м-н алмаштырылган. Ылайыктанышы ж-а санжырғасы жагынан А. ж. эки түрлүү болот: эркектердики ж-а аялдардыкы. Аларды кооздоо калктын материалдык мүмкүнчүлүгүнө жараша болгон. Колунда барлар айрыкча аялдардын ээрин атайын кооздотуп, күмүш чаптырып, чиймелер м-н жасалгалашкан. А. ж-ды кызга арнап атайы жасатып, күйөөгө чыкканда, сеп катары беришкен. Мис., кыздар үчүн кең тамандуу, панжаралуу, көбүнчө жогору жагында боо өткөзө турган атайын көөнөгү бар күмүш жаптырылган темир үзөңгүлөр жасалган. Кээде үзөңгүнү жыгачтан же мүйүздөн жасап, үстүнөн күмүш алкак же калкан м-н капташкан. Андай үзөңгүнү **накер үзөңгү** деп да коюшат. А. ж-нын темирден жасалчу элементтерин (ооздук, тогоолор, үзөңгү ж. б.) — темир усталар, аларга күмүш жабдуу-ну — зергерлер же чоң усталар, кайыштан же жиптен өрүлүп жасалчу элементтерин (жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл ж. б.) — өрүмчүлөр же ээрчилер, ал эми ат жабдуулу уз аялдар жасашкан. А. ж. жасоодо негизинен кайыш (үзөңгү боо, жүгөн, покто, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл ж. б.), кийиз (ичмек, тердик, желдик, ат жабуу ж. б.), жүн же пахта (көрпөчө же көпчүк, ат жабуу, шалча) кеңири колдонулат. Ал эми А. ж-н кооздоодо негизинен жез, күмүш, асыл таштар кеңири колдонулган, кээде алтын да пайдаланылган. Жүгөн, басмайыл, куюшкан, көмөлдүрүк, тердикти көпчүлүк учурларда куна, сүзмө, гүл, мык, пыштак, чор, тумарча сыяктуу күмүштөн жасалган же күмүш жабылган оймо-чиймелер м-н жасалгалашкан. Булар элдин кол өнөрчүлүгүнүн өсүшүнө далил болуп саналат.

АТ ЖАБУУ — ат жабдыктарынын түрү. Кырг-нда А. ж-нун формасы, колдонулушу, жасалышы жагынан айырмаланган бир нече түрү бар. Бир түрү — дикек. Ал өрмөктө согулган терме, кажары же пиязы таардан чети асемделип (саймаланып, кыргагына чачы тагылып), ич жагына кийиз тигилип жасалат да, аттын соорусуна жабылат. Ал эми эчки, байге, кыз куумай ж. б. оюндарга минилген күлүк атка атайын үртүк даярдалган. Бул дагы таардын жогоруда аталган түрлөрүнөн жасалып, ич жагына кийиз кабатталып, аттын башынан куйругуна жеткидей кенен тигилген. Анын кулакчыны, көзүлдүрүгү, куйруктугу, ат буттугу болот. Эчки, байгеге салынып, күйүккөн атты суутканда, ага суук тийбесин үчүн үртүк жабышкан. Үртүк кымбат кездемеден өзгөчө кооздолуп, саймаланып, ичтелип жасалган. Ал кыздын атайын себи катарында да берилген. «АТ КЕТТИ» — элдик кыл кыяк күүсү. Анда байгеге чабыла турган күлүктөрдүн калк алдына чыгышы, дүрбөгөн элдин күрү-күү, чуру-чуусу, саяпкер, күйормандардын толкундашы, айдоочунун күлүктөрдү куун жоношу м-н тууралып баяндалат. Айрыкча күүдөгү «ат кет-ти, ат кет-ти» деген ыргактуу коштоосу тап-так сүйлөтүлөт. «А. к-нин» кайрыктары жай, созулуңкү келип, лирикалуу, салмактуу тартылат. Анын эң мыкты аткаруучуларынын бири Муратаалы Куренкеев болгон.

Ад.: Виноградов В. С., Муратаалы Куренкеев, Фр., 1962; Алагушев Б., Таңшы комуз, Фр., 1968.

АТ КОНОК (phleum L) — дан өсүмдүктөр тукумунун уруусу, бир же көп жылдык чөп. Майда машакчалары шыпыргы топ гүлүн түзөт. Даны сүйрү. Жер жүзүндө А. к-тун 15 түрү таралган. СССРде анын 11 түрү бар. Алар европ. бөлүктө, Кавказда, О. Азияда, Ы. Чыгышта, Сибирде дарыялардын, өзөндөрдүн жээктеринде, шалбааларда, нымдуу талааларда өсөт. А. к-тун көбү тоют катары пайдаланылат. Шалбаа А. к. 18-к-дан тартып Россияда өстүрүлгөн. Ал кашка беде м-н бирге жаз алдында айдалат. А. к-тун Кырг-нда 4 түрү бар.

АТ КУЛАК (лат. R. confertus) — кымыздык тукумундагы өсүмдүк. Бийикт. 1,5 *м* ге жетет. Өзөк тамырлуу, сабагы тик, жалбырактары жазы, пребти м-н жайгашат, гүлдөгөндөн кийин бир эле түп А. к. 7000ге жакын урук алат. Уругу сары күрөң. Өнүмдүүлүгү 90% ке жетип, сууда — 3,5, топуракта — 6,6 жылча, айрым убакта 40 жылга чейин сакталат. А. к-тын 150гө жакын түрү белгилүү. Европа, Азияның мелүүн алкактарында, Түн. Америкада, СССРдин европ. бөлүгүндө, түш. ж-а орто тилкелеринде өсөт. Кырг-нда бир нече түрү бар. А. к-тын тамыры м-н сабагында орг. к-талар, витаминдер, эфир майы, боёк ж. б. заттар көп. А. к-тын дары-дармек даярдоодо мааниси чоң.

АТ КҮЧҮ — кубаттуулуктун системадан тышкары бирдиги. Ал буу машинасына чейин кубаттуулуктун техн. бирдиги катары «1 ат күчү» (1 *а. к.* = =75 *кгк·м/сек)* пайдаланылган, азыр бирдиги *ватт* кеңири колдонулууда. СССРде ж-а айрым башка өлкөлөрдө Англияда 1 HP *(а. к.)* ≈746 *ватт.*

АТ ОЙНОТУУ ЖАНРЫ — спорттук ат оюндардын бир түрү. Мында чабандес чаап бараткан аттан секирип түбүюмдарды эңип, аттын бооруна саландан асылат, мээлегинин жазбай атып, акробатикалык көнүгүүлөрдү жасап, кайраттуулугун, шамдагайлыгын, күчтүүлүгүн ж-а чеберчилигин көрсөтөт. Кавказ, О. Азия элдеринде ж-а дондук казактарда бул оюн 19-кдын 1-жарымынан баштап цирк жанрына айланды. А. о. ж-ның 1-аткаруучусу А. Гудцев, ал эми казак-орустардан чыккан 1-чабандес П. Орлов болгон. Азыр сов. цирктерде ат-оюнчы жигиттердин осетин (жетекчиси Али-Бек Кантемиров), өзбек (жетекчиси К. Зарипов), кыргыз (түзгөн Н. Качеков) ж. б. группалары бар. Ат ойнотуу 20-к-дан баштап спорттук ат оюн мелдештеринде кеңири колдонулуп, кийин кавалеристтерди ж-а пайдасы тийди. Спорттук ат оюнуна А. о. ж-на окшош түрү вольтижировка деп аталат.



Тоскоолдуктан өтүү.

АТ СПОРТУ — ат ойнотуу, тоскоолдордон секиртип өтүү, үч түр б-ча мелдеш, ат чабыш ж-а кросс, алыска болгон жарыш, чаан баратып ат үстүндө ойноо, гимнастика жасоо, кылыч чабуу оюндары. СССРде 1928-ж. 10-октябрда 400 *км* аралыкка Ростов — Харьков маршруту б-ча аттар чабылган. 1925-ж-дан тартып А. с. бүткүл армиялык, осоавиахимдик (1936), бүткүл союздук (1938) мелдештер өткөрүлгөн. СССРде 1938-ж. Осоавиахимдин кавалериялык клубдарынын саны 36 болсо, 1940-ж. алар 800дөн ашуун болгон. Улуу Ата Мек. согуштан кийин (1946) бүткүл союздук мелдештер кайрадан өткөрүле баштады.

АТ ҮЙРӨТҮҮ — азоо жылкыны үйрөтүү. Бээ байлоочу райондордо жылкыга кулун кезинен покто катып, чочутпай, акырындап үйрөтөт. Жылкы кулун, кунан, бышты кезинде минүүгө оңой көнүгөт. Адегенде атка ээр токулат, же чегүү жабдыктары кийгизилет. Азоо жылкыны сабап, ооздугу м-н ууртун айыра тартууга болбойт. Кээде чабандестин бату үзөңгүгө плинер-плинбесте эле мөлкүп, ала качат. Бул учурда коздун түшүна жүгөнгө «каракчы» булгаары тигилет. Чалкасынан жыгылуучу азоону ээр токуп минүү өтө коркунучтуу. Мындай учурда жайдак үйрөтүлүп, көнүгө баштаганда ээр токулат.

АТ ЧАБЫШ — кыргыздын улуттук оюну. Ат илгери, көбүнчө аш-тойдо чабылган, анда оюндун эрежелери баш аламан болгон. 1952-жылдан А. ч. оюнунун эрежелери тартипке салынды. Азыр а. ч-тар 1,2—5 *км*

аралыгында көбүнчө айлампада, кээде түз жолдо чабылат. А. ч. үчүн разрядтык нормалар бекитилген. А. ч-та атты токулуу да, жайдак да чапса болот.

АТА — 1) балалуу болгон эркектин сыймыктуу аты. А. деген түшүнүк кыргыз элинде тууганчылыктын түрдүү даражасын түшүндүрөт. Алсак, атасынын же өгөй атасынын атасы чоң ата деп, энесинин же өгөй энесинин атасы тай ата деп, чоң атасынын атасы чоң чоң ата деп, андан аркылары ата-баба же жети ата деп аталат. Ал эми тай атасы м-н тай энесинин аталары ж-а өз атасынын тай атасы — чоң тай ата, атасынын досу же энесинин курдашынын күйөөсү ж-а алардын аталары аяш ата делет. Бала төрөлгөндө киндигин кескен аялдын атасы м-н күйөөсү киндик ата, багып алган киши же энесинин кийинки күйөөсү өгөй ата, аялынын атасы кайын ата, аялынын чоң атасы м-н тай атасы чоң кайын ата, нике кыйылган учурда жаштардын ата-энесинин ж-а өздөрүнүн каалоосу б-ча дайындалган киши өкүл ата деп аталат.

2) Мифтик түшүнүк б-ча, айрым үй айбандарын колдоочулардын эңчилүү аттарына жалганып айтылуучу кошумча ат. Мис., Чолпон ата — койдун колдоочусу, Камбар ата—жылкының, Чычаң ата — эчкинини, Ойсул ата — төөнүкү.

АТА МЕКЕН — адамдардын жашап турган, алардын ата-бабаларының туулуп өскөн жери, терр-ясы, коомдук чөйрөсү, мекени, мамлекети. Ата М. түшүнүгү тарыхтын жүрүшүндө коомдук-экон. мамилелердин өнүгүшүнүн натыйжасында өзгөрүп, кеңейип келген. Алгачкы коомдук түзүлүштүн шарттарында белгилүү бир тайпа (уруу) жашаган жер Ата М. болуп эсептелген. Уруулук түзүлүштүн бузулушу, таптардын ж-а мамлекеттин пайда болушу м-н Ата М. түшүнүгү калк, мамлекет түшүнүгүн өз ичине алат ж-а таптык мүнөзгө ээ болот. Мамлекет келип чыккандан кийин улуттук чек ара, тил ж-а мад-т, о. эле улуттук салт да Ата М. түшүнүгүнө составдуу бөлүк болуп кирет.

Маркстик-лениндик социологияда Ата М. кеңири мааниде: 1) белгилүү бир элдин жашап келген жерин, терр-ясын, тарыхый ж-а табигый-геогр. чөйрөсүн; 2) улуттук тилин, мад-тын ж-а салт-санаасын; 3) коомдук-саясий түзүлүшүн билдирет. Таптык антагонисттик коомдо ар түрдүү социалдык таптардын өкүлдөрү Ата М-дин бул составдуу бөлүктөрүн өздөрүнүн кызыкчылыгынын көз карашынан түшүндүрөт. Бурж. таптын өкүлдөрү 1-кезекте капит. коомдук түзүлүштү Ата М. деп эсептешет. Марксизм-ленинизмдин көз карашынан бурж. социалдык чөйрө ж-а мамл. түзүлүш жумушчулар м-н эмгекчилер үчүн Ата М. боло албайт. Соц. коомдун шарттарында гана Ата М. түшүнүгүнүн бардык составдуу бөлүктөрү өз ара тыгыз байланышта болуп, бир бүтүн маанини билдирет.

АТА МЕКЕНДИК СОГУШ (1812) — орус элинин Наполеондун армиясына каршы улуттук-бошт. согушу. 18-кдын аягында Франциядагы бурж. рев-ядан кийин бийликке келген ири буржуазия Европага, андан соң бүткүл дүйнөгө саясий ж-а экон. үстөмдүк кылууга умтулган. Муну ишке ашыруу үчүн буржуазиянын таламдарын көздөгөн Наполеон I негизги душмандарын — Англия м-н Россияны көз каранды кылууга аракеттенген эле. Ал Англиянын экономикасын начарлантып үчүн, ага континенттик блокада уюштурган (1806), Францияга көз каранды бүткүл Бат. Европадагы мамлекеттер ал блокадага катышкан ж-а 1807-жылдан тартып *Тильзит тынчтыгы* негизинде Россия да кошулган. Мындай абалда соода начарлап, орус дворяндарында нааразылык туулган. Алардын кысымы м-н падыша өкмөтү Россиянын порттору-на бейтарап өлкөлөрдүн кемелеринин кириши-не уруксат берүүгө мажбур болгон да, ич жүзүндө орточулар аркылуу Англия м-н соода жүргүзүүгө жол берилип, Франциянын товарларына кымбат бажы коюлган. Россиянын экон. ж-а саясий жактан кол куушурбай турганын түшүнгөн соң, Наполеон ага каршы согушка даярдана баштаган ж-а ал согушка катышуу үчүн аскерлерин камынтууга Франциянын көз каранды өлкөлөрүн мажбур кылган. Наполеон 1812-ж. 12(24)-июнда согуш жарыялабастан эле Россиянын чек арасын бузуп кирген. Россияга каршы анын «Улуу Армия» деп аталган эң мыкты күчү (640 миң киши, 1372 замбирек) жумшалган. Армиянын жарымына жакыны бөтөн өлкөлөрдө (Австриядан, Германиядан, Италиядан ж. б.) алынган жалданма аскерлер болучу, бирок уюткусу франц. машыккан аскерлерден эле. Ошол учурда Россия бат. согуш театрына 230 миң киши, 1000ге жакын замбирек гана чыгармак, бирок орус аскерлеринин жоокердик сапаты ж-а кол башчыларынын жөндөмдүүлүгү жагынан артыкчылыгы бар болучу. Наполеон орустардын негизги күчтөрүн чек арага жакынкы катуу салгылашта эле талкалап, Москваны басып алган соң, өзү каалаган тынчтык шартына көндүрүүнү көздөгөн. Французлардын аскерлери Неман д-нан өтүп, чек араны басып киргени ж-дөгү, кабарды алган соң, орустардын командачылары аскерлерин шашылыш түрдө оолактата баштайт. Муну м-н Наполеондун ойлогону ордунан чыкпай калат. Катуу салгылашка дуушар болуудан аярланган орус кол башчылары аскерлерин улам өлкөнүн ичин көздөй алып кете берет. Франц. аскерлерде өлгөндөр, сыркоолуулар, качкындар көбөйүп кеткендиктен, армиянын жоокердик сапаты төмөндөгөн. Наполеон орус аскерлерин улам куун отуруп, Москванын жанына жеткенде, катуу салгылашка чакырам деп ойлогон. Душманга каршы Россиянын бүткүл калкы көтөрүлөт. Согуш көз каранды болбостук үчүн, Ата Журтун коргоо үчүн жалпы элдин күрөшүнө айланат. Орус армиясынын аргасыздан чегине бериши ж-а француз армиясынын талоончулугу калк арасында нааразылык туудурат. Партизандык кыймыл жайылат, элдик кошуундар түзүлөт. Падыша Александр I коомчулуктун кысымы астында М. И. *Кутузовду* орус армиясына башкы командачы кылып дайындайт. Кутузов армияга резерв камдап алып, Москвадан 120 *км* аралыктагы Бородино с-нан ылайыктуу позиция эзелейт. **Бородино салгылашуусунда** Наполеон 58,5 миң солдат ж-а офицеринен, 49 генералынан ажыраган. Орус армиясы күч жагынан артыкчылыгы бар француз армиясына эрдик ж-а кайраттуулук м-н каршы туруп, чоң жоготууларга (44



Д. К. Скотти. «1812-ж. 12-октябрда французлардын Москвадан качышы». Фрагмент.



Т. Атабаев.



Ө. Атабекова.



Атай Огомбаев.

миң киши) карабастан, баскынчылардын чабуулунун мизин кайтарган. Бирок душманга кайтара сокку уруугa резерви жетишпегендиктен, орус кол башчылары Москвага чейин чегинип, анан шаардын өзүн да таштап кетүү чечимине келген. Армия м-н кошо Москванын калкынын жарымы да кетип калган. Наполеондун аскерлери шаарга кирери м-н имараттарды өрттөп, талоончулук кылган. Кремлди эзелеген соң, Наполеон тынчтык келишимин түзүү үчүн орус падышасына бир нече жолу элчилерин жиберген, бирок андан эч натыйжа чыккан эмес. Армиясы азык-түлүктөн, ат жеминен мүчүлүш тарта баштаганда, курчоодо калуудан чочуп, ал Москвадан өзү чыгып кетүүгө аргасыз болгон. Наполеон согуш бүлдүрбөгөн, азык-түлүк, жем-чөп арбын жерлер аркылуу чегинүүгө аракеттенип, Калуга жолуна түшкөн. Муну билген Кутузов армиясы м-н Малоярославецке келип, анын алдында душмандын аскерлерине сокку урат да, Наполеонду түш. райондор аркылуу өтүү планынан баш тарттырып, мурда бүлүнүүгө учураган Смоленск жолуна түшүүгө аргасыз кылган. Чегинип бара жаткан француз аскерлерин орус армиясы м-н партизан отряддары куугунтуктап, ага улам жаңы соккуларды ура берген. Вязьманын аймагындагы уруштардан кийин Наполеондун 40 миңдей гана аскери калып, аттарына жем-чөп жетишпегендиктен, артиллериясынын көбүн жолго таштаган. Березина д-нан өткөн соң, баскынчылардын армиясы уюшкан куралдуу күч сыяктанбай калат. Командачылыкты Мюратка өткөрүп берип, Наполеон өзү Парижге кете берет. Вильного жеткенде, орус армиясы көптөгөн олжо ж-а тутқун алып, 140 замбиректи колго түшүрүп, дем алууга токтойт да, андан кийинки аракеттерин Польша ж-а Кенигсберг тарапка кеткен австр.-прусс. корпустарга каршы багыттайт. 14(26)-декабрда француз армиясынан 20 миңче гана аскер Неман д-нан кайра өткөн. Россияга жасаган жортуулунда Наполеон 550 миң аскеринен ажыраган.

1812-ж. Ата Мек. согуш Россиянын тарыхында чоң роль ойноду. Ал орус элинин өз күчүн баамдоого жардам берди. Эл массасында улуттук сезимдин өсүшүнө, дыйкандар кыймылынын күчөшүнө, декабристтердин революцион идеологиясынын калыптанышына түртүк болду. Анын өчпөс окуялары, патриоттук эрдиги тарыхка терең из калтырды. 1812-ж. Ата Мек. согушта жеңиш Россия элдеринин көз каранды эместигин гана камсыз кылбастан, Европадагы саясий мамилелердин өзгөрүшүнө, андагы элдердин наполеондук зөөлдөн бошотулушунун башталышына алып келди.

Лит.: Маркс К., Барклай-де-Толли, Маркс К. и Энгельс Ф., Соч., т. 11, ч. 2; его же, Беннигсен, там же; Энгельс Ф., Бородино, там же; Ленин В. И., Юнүстүн брошюрасы жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 22-т.; М. И. Кутузов. К 200 летней годовщине со дня рождения, М., 1946; 1812 год. К 150-летию Отечественной войны, сб. ст., М., 1962.

АТА МЕКЕНДИК УЛУУ СОГУШ (1941—45), к. *Советтер Союзунун Улуу Ата Мекендик согушу (1941—45).*

АТА САЛИХ (1908—1965) — түркмөн эл акыны, түркмөн совет ад-тында тамсил жанрында негиз салуучу. Кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. Уч жашында эки көзү көрбөй калган. А. С-тин чыг-лыгы 1919-жылдан башталган. Чыг-ларында компартияны, соц. эмгекти даңазалап, өткөндүн зыянду калдыктарына каршы күрөшкө чакырган. Улуу Ата Мек. согуштун жылдарында патриотизм духундагы («Эл бирдиги жашасын» ж. б.) ырларды жаратты. Согуштан кийинки чыг-лары негизинен бейпил эмгекке, эл достугуна ж-а согуш отун тутандыруучулардын кылмыштуу ниетине каршы күрөшүүгө арналган. «Чын жүрөктөн айткан сөз» (1947) аттуу эпикалык поэманын автору.

АТАБАЕВ Кайгысыз Сердарович (1887—1937) — сов. мамлекеттик ишмер, О. Азияда Совет бийлигин орнотууга ж-а чыдоого активдүү катышуучу. 1918-жылдан КПССтин мүчөсү. Дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ташкен ш-дагы мугалимдер семинариясын бүткөн. 1917-жылга чейин мугалим ж-а банк чиновниги болуп иштеген. 1917—18-ж. Мерв у-деги Жумушчу ж-а солдат депутаттар советтеринин түркмөн секциясынын жетекчилеринин бири. 1919-ж. Советтердин Мерв аткомунун пред-лине орун басар ж-а аның пред-ли. 1919-жылдын ноябрынан 1920-жылдын июлуна чейин Закаспий облревкомунун пред-ли, андан кийин Түркстан АССР жер иштер эл комиссары. 1920-жылдын июлунан Түркстан КП(б) Аткомуна мүчө, 1920-жылдын сентябрынан Түркстан АССР ЭКСтин пред-ли. 1923-жылдан Бухара Элдик Сов. Респ-касынын Назирлер (Комиссарлар) Советинин Пред-лине орун басар. 1924-ж. октябрынан Түркмөн революцион комуна (Түркмөн ССРинин биринчи өкмөтү) мүчө. 1925-жылдын февралынан Түркмөн ССР ЭКСтин пред-ли. ВКП(б)нин 14, 15, 17-съезддеринин делегаты. 1924—37-ж. Түркм-н КП(б) БКнын бюро мүчөсү. А. Ленин ордени м-н сыйланган.

АТАБАЕВ Токтобай (1933-ж. т.) — бургулоочу. Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1963-жылдан КПССтин мүчөсү. Жумушчу жеттардын кечки орто мектебин бүтүргөн (1965). 1948-жылдан бери Кыргыз ССР геол. башкармасынын Түш. Кырг-н Геол. экспедициясында жумушчу, бургулоочу (1950), геол. партияда бургулоо жумуштары б-ча участоктун начальниги (1973) болуп иштейт. Кырг-ндагы сымаптын при кенин чалгындоо жумуштарында чоң ийгиликке жетишкен. Ленин ордени ж-а Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган.

АТАБАСКА — Канаданын батышында, Макензи д-нын жог. агымында жайгашкан көл. Тектон. кыймылдын натыйжасында пайда болгон. Аянты 7900 км². Терең. 60 м ге чейин. Түн. жээги бийик, аскалуу, түштүгү түз. Октябрдын аягында тоңуп, июнда ачылат. Көлгө Атабаска д-сы куюп, Невольничья д-сы агып чыгат. Балыкчылык өнүккөн. А-нын аймагында алтын ж-а уран кендери бар.

АТАБЕКОВА Өлмөсхан (1922-ж. т.) — Кырг-ндын а. ч. өндүрүшүнүн ишмери. Соц. Эмг. Баатыры (1957). Эмгек жолун Киров атн. к-до катардагы колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1940—44-ж. звеновой, 1949—53-ж. пахтачылык бригадасынын бригадири болгон. 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. 1953-жылдан бери Ош обл-нын Ленин р-пундагы Фрунзе атн. к-здун пред-ли. 1957-ж. ал башкарган чарбаның айдоо аянты 2 эсе, малының саны 78%ке, сүт өндүрүү 5 эсе, жүн 2 эсе көбөйгөн. Ал 2 Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Кырг-н КП БКга бир нече жолу мүчө болуп шайланган. СССР Жог. Советинин 5-шайл. ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин 5—9-шайл. депутаты.

АТАВИЗМ (abavus) — түпкү тегинде бар белгилердин кийинки тукумдарында кезигиши. Мис.: куйруктуу адам, үч ача туяктуу жылкы. Организдердин өөрчүшүндө түпкү белгилердин пайда болушу мүмкүн. Мындай А-ге адамдын ж-а амфибиялардын алкымдарында балыктардыкындай бакалоор сымал тешикчелеринин пайда болушу мисал боло алат.

АТАЙ — Нарын обл-нын Тогуз-Торо р-ндагы Атай сельсоветине караштуу кыштак. «Бирдик» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кавармандан 25 км түш.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 435 км. Калкы 1400 (1974). Орто, башталгыч мектеп, мектеп-интернат, китепкана медпункт бар.

АТАЙ Огомбаев. (1900, азыркы Талас р-ну, Көк-Кашат кыш.— 1949, Талас ш.) — белгилүү кыргыз ырчысы ж-а комузчусу, күүчү ж-а обончу, Кыргыз ССР эл артисти (1939). А. жети жашынан комуз черте баштайт, 13—14 жашында эл ырларын ж-а күүлөрүн аткаруучу катары эл арасына таанылып калат. Баралына жеткенде ал Токтогулдан таалим алып, анын ырчылык ж-а комузчулук өнөрүн үйрөнөт. 20-жылдары алгачкы обончу-күүлөрүн чыгарып, Талас өрөөнүнө атагы чыккан өнөрпоз болот. 1935-ж. Кыргыз мамл. театрына кирип, 1936-ж. Кыргыз мамл. филармониясына солист болуп которулат. 1939-ж. ошол филармонияда А. комузчулар ансамблин уюштурат. Ал ансамбль Москвада өткөн эл аспапчыларынын Бүткүл союздук кароосуна катышып, анын лауреаты болот. 1940-ж. СССР комп. союзунун Уюштуруу комитети ачкан ез демилгелүү композиторлордун (элдик күүчүлөрдүн ж-а обончулардын) курсунда окуйт. Курста ал музыканын элементардык теориясы м-н таанышып, С. С. *Прокофьев*, В. М. *Глиэр* сыяктуу атактуу композиторлордон сабак алат. Согуш жылдарында ж-а согуштан кийинки мезгилде филармониянын солисти, эл аспаптар оркестринин оркестранты катары Кыргыздын бардык жерин кыдырып, өзүнүн кайталанбас өнөрү м-н элди таанышырган. Ден соолугунун начарлагына байланыштуу 1947-ж. проф. артистик ишин таштап өз айылына барат да, айылдык жаштардан өз демилгелүү комузчулар ансамблин уюштурат.

А. кыргыздын элдик обондорунун салттарында жаралган бир канча лирикалык ырлар жаратkан. Анын «Күйдум чок», «Эсимде», «Гүл», «Ой, булбул», «Жаштар» сыяктуу лирикалык ырлары угуучуларга кеңири маалым. А. ырларынын обондору кеңири, созулмалуу келип, нукура асемдүүлүккө ээ. Анын обондоруна көтөрүңкү үн менен башталып, аягы бара-бара басаңдай берип мүнөздүү. Мындай касиет А-дын «Күйдум чок», «Гүл», «Жаштар», «Эсимде», «Ой, булбул» сыяктуу лирикалык ырларынан ачык байкалат. Ал «Ак Зыйнат», «Куралай», «Майчач» сыяктуу элдик ырларды да өтө чеберчилик м-н аткарган.

А. Токтогул, Ныязаалы, Айдараалы ж. б. негиздеген *айтым күүлөрдүн* улантуучусу ж-а жайылтуучусу болгон. Аткаруучулук бай техникасы, ачык таасирдүү ыкмалары, оригиналдуу муз. ойлорду таба билиши анын өнөрүн өзгочолукко ээ кылган. Анын комуз чертүүдөгү аткаруучулук устаттыгы «Ак тамак, көк тамак», «Марш Камбаркан», «Маш ботой», «Саадак какты», «Кыз кербез», «Армандуу чымчык», «Кара өзгөй» сыяктуу күүлөрүнөн ачык көрүнөт. Бул чыг-ларды элдик музыкадагы айтым күүлөрдүн салтын өнүктүрөт. Анын аткаруусунда Токтогулдун ондогон ырлары, күүлөрү нотага түшүрүлүп, проф. музыкада пайдаланылды. Композиторлор В. В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере А-дын «Күйдум чогун» «Айчүрөк» операсындагы башкы каармандын бири — Айчүректүн лирикалык темасына киргизген, ал эми «Эсимденин» обону В. Ференин «Кыргызстан» аттуу симфониясына лейтмотив болуп кызмат кылган. Композитор А. Түлеев залкар комузчунун күүлөрү м-н обондорунун негизинде «Атай» аттуу симфония (1962) жазган. Бул симфонияга А-дын «Маш ботой», «Кыз кербез», «Кара өзгөй», «Күйдум чок», «Ой, булбул», «Гүл», «Эсимде», «Жаштар» ж. б. күүлөрү м-н обондору уютку болуп берген. Ал эми Р. Мироновичтин «Эсимдени» симф. оркестр үчүн иштеп чыкты. Композитор Б. Феферман «Маш ботой» күүсүнөн «Салтанаттуу увертюра» (1957) жаратты. А-дын ушул эле күүсү А. Аманбаевдин симф. «Бий сюитасынын» 3-бөлүмүнө алынган. А-дын бардык обондору м-н күүлөрү фортепьяно ж-а эл аспаптарынан түзүлгөн оркестр үчүн иштелип чыкты. А. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси», ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Кыргыз ССР Мин. Совети 1950-ж. чыгарган токтом б-ча, А-дын ысмы респ-кабыздагы айрым кыштак, мектеп ж-а шаар көчөлөрүнө берилген.

Лит.: Виноградов В. С., Атай Огомбаев, М., 1960; Алагушев Б., Кыргыз комузчулары жана комуз күүлөрү, Фр., 1961; Каимов К., Атай. Роман, Фр., 1969.

АТАЙ ОГОМБАЕВ — Талас р-ндагы Жерге-Тал сельсоветине караштуу кыштак. «Жерге-Тал» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Таластан 14 км. түш. тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 134 км. Калкы 1362 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

АТАПЫЛАШТЫРЫЛГАН СТАНОК — аттары бирдей же конфигурациялары окшош, бирок өлчөмдөрү түрдүү тетиктерди иштетүүгө арналган станок. А. с-тун конструкциясы иштетилүүчү тетикке, анын материалына карата ар түрдүүчө, көз бир түйүндөрү же тетиктери бири бирине окшоштурулуп жасалат. А. с-то бир тетикти иштетүүдөн экинчисине өткөргөндө анын иштөө тартиби алмаштырылма тиш дөңгөлөктөр м-н өзгөртүлүп турат. А. с-то жог. өндүрүмдүү кесүүчү аспаптар ж-а прогрессүүү технологиялар колдонулат. Ал универсалдуу станокторго салыштырганда өндүрүмдүү келет.

АТАПЫЛАШТЫРЫЛГАН ЦИФРАЛУУ МАШИНА — алгоритмдери окшош бир класстагы эсептерге арналган цифралуу эсептегич машина. А. ц. м-лар колдонуу максатына жараша эсептөөчү, башкаруучу, информация-логикалык ж-а которуучу болуп бөлүнөт. А. ц. м-нын негизги түзүлүштөрү жөнөкөй болгону м-н, кизүлүштөрү эсептөө татаалыраак келет. Машинанын негизги блогуна информацияны кийирүү үчүн аны башка түргө айландыруу талап кылынат. Которуучу машинанын эске тутуучу түзүлүшүндө сакталган көп информациялардан керектүү сөздү издеп табуу, жыйынтыктарды ар кандай шрифт м-н басуу алгоритмдери ишке ашырылат. Ушул эле алгоритмде жасалган А. ц. м. керектүү китепти тез табуу м-н бирге, аны алып келип берүүчү механизмдерди башкарат. Универсалдуу ЦЭМге караганда, эсептөө ишин өндүрүмдүү аткаргандыктан, эсептөө системаларын борборлоштуруу, өндүрүштү автоматташтыруу ж-а адистештирүү өөрчүгөн сайын А. ц. м-лардын маанини да жогорулоодо.

АТАЙЫН БИЛДИРБЕЙ КОЮУ (сов. уголовный укук б-ча) — болгону жаткан же бирөө жасаган кылмышты билип туруп бийлик органдарына маалымдабай коюу. А. б. к. ж-дө кылмышкерге мурдатан убада берген киши ага көмөк көрсөткөн деп саналат да, кылмышка катышкан катары каралат. Закондо атайын каралган айрым учурларда гана А. б. к. аракети уголовный жоопкерчиликке алып келет. Соц. коомдун шарттарында кылмышты атайын билдирбей коюу граждандык милдеттен тайгандыкка жатат.

АТАЙЫН КАРТАЛАР — жалпы геогр. карталарда көрсөтүлбөгөн көз бир элементтерди (мис., жол катнаш, рельеф) же геогр. жайгашуунун ж-а кубулуштардын (табигый жө социалдык-экон.) өнүгүүсүн өзгөчө так ж-а толук көрсөтүүчү карталар. Анда көз бир элементтер толук эмес, айрымдары такыр эле көрсөтүлбөйт. А. к. негизинен физ.-геогр. же табигый кубулуштук (геол., геофиз., рельефтик, климаттык, гидрол., топуракттык, ботан., зоогеогр.), социалдык-экон. (калктык, экон., маданий, саясий-админ., тарыхый), тех. (эксплуатациялык, навигациялык, долбоорлоо) карталарга бөлүнөт. А. к. коюлган максатына ылайык окууга, демонстрациялоого, пропагандалоого, обзордук ж-а оперативдүү маалымат берүүгө арналып түзүлөт. А. к. ири (1:200 000 ж-а андан ири), орто (1:1000 000 чейинкилер) ж-а кичине масштабдуу болуп түзүлөт.

АТАЙЫН КИЙИМ — ар кандай өндүрүштүк шарттарда иштеген адамдын организмин сыртқы чөйрөнүн зыяндуу таасиринен сактоо үчүн кийилүүчү кийим. А. к. өндүрүштөгү өтө чаңдуу, ысык цехтерде, кислоталар, щёлочтор, майлоочу ж-а радиоактивдүү заттар ж. б. м-н иштегенде кийилет. Ысык цехтерде иштегендерге жүн, буладан токулган кездемелерден жасалып, титан, сурьма, аммофос деген күйбөс заттарга ширетилген шым, күрмө берилет. Чаңдуу жумуштагыларга кебезден токулган башына кийме, жакасы, жеңдин учу, багалеги буума комбинезон тигилет. Хим. күчтүү жегич заттардан сактануу үчүн лавсандан, хлориндеп, жүндөн токул-

ган кездеме кийим колдонулат. Радиоактивдүү заттар бар жайда иштегендерге боёлбогон кебездеи же лавсандан жасалган комбинезон, костюм ж-а халат, анын үстүнө алжапкыч, жең жапкыч кийилет. Кээде жылчыксыз, ичине жел үйлөтүлгөн ЛГ-4 костюму колдонулат. Нефть иштеп чыгаруучуларга, боёо ишканаларында, тоо кендеринде, рентген д. у. с. жайларда иштегендерге да ылайыкталган кийим болот. А. к-дин мөөнөтү чарбачыл уюмдар тарабынан иштелип чыгып, СССР Мин. Советинин алдындагы эмгек ж-а эмгек акы б-ча мамл. комитет, ВЦСПСтин Президиуму бекитет.

Лит.: Хабаров П. Г., Спецодежда. Руководство по гигиене труда, т. 2, М., 1963; Наврощкий В., Гигиена труда, М., 1967; Справочник по технике безопасности, противопожарной технике и производственной санитарии, 4-е перераб. изд., Л., 1971.

АТАЙЫН КОМИССИЯ, Бүткүл Россиялык Атайын Комиссия (ВЧК) — Совет мамлекетинде контррев-яга ж-а саботажга каршы күрөшүү б-ча 1917—19-жылдагы атайын орган. 1919-ж. 7(20)-декабрда Ф. Э. *Дзержинскийдин* жетекчилиги м-н түзүлгөн. А. к-га контррев-чылар м-н саботажчылардын аракетин токтотуу ж-а жоюу, аларды Аскер-революция трибуналынын сотуна берүү, аларга каршы күрөштүн чараларын белгилөө, алын сатарлардын кылмыштарына ж. б-га каршы күрөшүү милдети жүктөлгөн. 1918-ж. А. к-нын жерг. органдары түзүлүп, алар ж-дөгү жобону РСФСР БАК 1918-ж. 28-октябрда бекиткен. Кырг-ндагы А. к. басмачыларга, кулактарга, бай-манаптарга каршы күрөшүүдө бир далай орчундуу иштерди жүргүздү. 1922-ж. 6-февралда Советтердин бүткүл росс. 9-съездинин чечими негизинде А. к-нын ордуна Ички иштер ЭКСинин алдында Мамл. саясий башкарма (ГПУ) уюштурулду. Кийинчерээк анын функцияларын аткаруу Мамл. коопсуздук комитетине жүктөлдү.

АТАЙЫН МЕКТЕПТЕР — кем мүчөлүү (дүлөй, начар укkан, сокур, начар көргөн, кекеч), психикалык жагынан акылы толук эмес балдарга жалпы билим берүүчү мектептер. СССРдеги Ат. м. элге билим берүүнүн жалпы системасына кирип, агартуу мин-восунун карамагында болот. Жалпы принципте уюшулган ж-а түзүлүшү, тартиптери, тарбиялоо ыктары, окутулушу өзгөчөлөнүп, атайын окуу пландары, программалары б-ча иштейт. Кырг-нда кем мүчөлүү балдар үчүн мектептер бар. Ал мектептер окуучуларды түрдүү эмгекке, адистикке үйрөтөт.

АТАЙЫН ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ — эл чарбачылыгынын ар түрдүү тармактарында, ал агартуу ж-а саламаттык сактоо мекемелеринде иштөөчү кишилерге берилүүчү билим. Бул окуу жайларында 8 жылдык билими барлар 3—4 жыл, орто мектепти бүтүргөндөр 2—3 жыл окуйт. СССРде А. о. б. б-чү окуу жайларынын күндүзгү, кечки ж-а сырттан окуу болумдорүнө 8 жылдык же орто мектепти бүтүрүп, кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырган 30 жашка чейинки уландар м-н кыздар кабыл алынат. Техникумдарда ж-а пед. окуу жайларындагы окутуу иши СССРдин жог. ж-а атайын орто билим берүү мин-восу бекиткен атайын окуу пландары ж-а программалары б-ча жүргүзүлөт. Улуу Окт. рев-ясына чейин Кыргындын терр-ясында төмөнкү типтеги 2 а. ч. мектебинен башка бир дагы А. о. б. б. окуу жайы болгон эмес. Кырг-нда Совет бийлигинин жылдарында гана А. о. б. б. өнүктү. Ортоңку звенодогу адистерди даярдоо б-ча алгачкы курстар 1919-ж. уюштурулган. 1924—25-жылдан тартып Ош, Кийин Жалал-Абад, Пржевальск, Нарын, Фрунзе ш-ларында педтехникумдар, Фрунзеде мед. окуу жайы, Түпто а. ч. техникуму уюштурулган. 1930-ж. Фрунзеде политех., финансы-экон., Токмок ш-да а. ч-сын механизациялоо ж-а электрлештирүү техникумдары иштей баштаган. 1964—65-ж. Нарында пед., Ошто курулуш ж-а соода, Майлы-Сайда электр тех. окуу жайлары ачылды. 30-жылдары 13 А. о. б. б. окуу жайларында 1200 окуучу болсо, 1970—71-ж. 40,5 миң киши окуган, 1974—75-ж. Кырг-нда А. о. б. б-чү 37 окуу жайында 42 719 окуучу окуйт. Атайын орто билими барлар конкурстук экзамендин жыйынтыгына ылайык жог. окуу жайларына кире алышат.

АТАЙЫН ПЕДАГОГИКА — кем мүчөлүү балдарды окутуу ж-а тарбиялоо ж-дөгү илим. А. п. балдардын категорияларына карай *сурдопедагогика* дүлөй, дудук, *тифлопедагогика* сокур, *олигофренопедагогика* акыл эси кем, *логопедия* тили тантык, келегей балдарды тарбиялоо сыяктуу бөлүктөрдөн турат. Жалпы алганда педагогиканын аталган түрлөрүнүн бардыгы биригип *дефектология* илимин түзөт. СССРде андай балдарды мектептерде окутуу, тарбиялоо иштери жалпы педагогика м-н А. п-нын негиздеринде жүргүзүлөт.

АТАЙЫН СОТТОР СССР Жог. Советинин токтому б-ча түзүлөт. Аскер трибуналдарына тиешелүү иштерди карашат. СССР Жог. Соту ж-дөгү жаңы жобону бекитүүчү законду СССР Жог. Совети кабыл алганга чейин (6-сессия, 1957-ж. февр.) А. с-го темир жол ж-а суу транспортторунун линиялык соттору кирген. Бул соттор 1957-ж. 12-февралдагы закон б-ча жоюлуп, алардын компетенциялары союздук респ-калардын сот органдарынын карамагына берилген. А. с-дун пред-лдери ж-а мүчөлөрү СССР Жог. Совети тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайланат.

АТАЙЫН СТАНОК — кандайдыр бир тетикти же бир олчомдүү тетиктерди иштетүүгө арналган станок. А. с. универсал станокторго салыштырганда (к. *Металл кесүүчү станок*) түзүлүшү, кыймылга келтиргичи м-н айырмаланат. А. с. бирдей тетиктерди иштетүүгө арналгандыктан, иштөө режимдерин улам өзгөртүүнүн зарылдыгы жок. Андагы ылдамдык ж-а кыймыл берүү кутусу анын конструкциялык түзүлүшүнүн жөнөкөй болушун камсыз кылат. А. с-то тез, мыкты кесүүчү аспаптар ж-а прогресстүү технологиялар колдонулат.

АТАЙЫН ФУНКЦИЯЛАР — матем. анализдин айрым тармактарында, матем. ж-а физ. маселелерди чыгарууда кездешүүчү функциялардын классы. А. функцияларга: гипергеометриялык, шардык, цилиндрдик, сфералык ж-а Матье, Ламе функциялары кирет. Алар трансценденттик функциялар түрүндө да көп кездешет. Мис., эллипстик, гамма, бета ж-а дзета функциялары, интегралдык логарифм ж. б-лар. Кийинки мезгилдерде А. ф-дын өзүнчө теориясы да кеңири өнүгүүдө.

АТАКА (фр. attague — кол салуу) — аскер бөлүктөрүнүн душманды талкалоо үчүн күчүрмөн кыймылын ок атуу м-н айкалыштырган эпкиндүү аракети. А. аскерлердин ар кандай түрлөрүнүн бирдиктүү кыймылы м-н жүргүзүлүп, душманды бетме-бет аткылап кыйратуу м-н аяктайт. Жөө, танкалык, авиац., ядролук, атчандар А-лары ж-а деңиз согушунда торпедалык А. болушу мүмкүн. Согуштун оор ж-а жооптуу мезгили А. болгондуктан, ал солдаттар м-н офицерлерден моралдык жог. сапатты, согуш куралдарын ж-а согуштук машыгууларды мыкты өздөштүрүүнү талап кылат.

АТАКАМА — Чилинин түндүгүндө, Анд тоолорунун бат. этегиндеги чөл. Тынч океанынын жээктерин бойлой созулуп жатат. Уз. 1000 *км* ге жакын. Климаты пассаттык, тропиктик, Перу агымынын таасирине байланыштуу бир аз салкын. Жээкте январдын орт. темп-расы 20°С, июлдуку 13°С. Жаан-чачындын жылдык орт. олчому 50 *мм*. А. бархан, шагыл ж-а шор м-н капталган. Жээктик Кордильер м-н Анд тоо этектеринде натрий ж-а калий селитрасы, йод, кайнатма туз ж-а дүйнөдөгү эң ири жез кендери бар.

АТАЛА — акшак, ун, талкандан жасалган жарма. Акшактан жасалган А-ны жарма А., ал эми ундан, талкандан жасалганын жылма А., кант кошулганын кече А. деп аташат. А-ны мурда көбүнчө жардылар тамак-аш катары да ичип келишкен. А.—малдын бардык түрү, өзгөчө жаш төл ж-а бордолуп жаткан мал үчүн эң кубаттуу, жагымдуу тоют. Кыргыздар байыртадан бери эле аларга А. берип багып келген. Азыр да респ-кабыздын көп чарбалары кышкы толго, бордогу малга А. берет.

АТАЛАЙ (Ахмет Бесим, 1882—1965) — түрк (Турция) филологу. Анкара ун-тинин проф. Түрк тил коомунун активдүү ишмери ж-а түрк (Турция) тилинин грамматикасы б-ча бир нече эмгектин автору. Ал түрк (Турция) тили ж-а түрк тилдеринин тарыхы б-ча бир катар жазуу эстеликтерин которуп, басмадан чыгарган (Махмуд Кашгариинин создугү, түрк тилинин о. лымыдагы грамматикасы ж. б.).

АТАЛАШ — атасы бир, энеси башка бир туугандар. Рев-ля чейин кыргыздын эзүүчү тап чойросүндө көп аял алуу салты өкүм сүргөндүктөн, бир эркектин бир нече аялынан төрөлгөн балдары А. деп аталган. О. эле аялы өлгөн же ажырашкан эркек башка аял алса, анын баштагы ж-а жаңы аялынан тапкан балдары да А. болот.

АТАЛГЫ — бозо сүзгүч курал. А-ны жасап үчүн бир учу ачакей жалпак жыгачтын ортосу көзөлүп, ал аркылуу бир башына айдошу түрүндө жылмаланган жыгач ашталган таякча өткөрүлөт. Ал таякчага жаа сыяктуу ийилген жумуру ичке тайчанын эки учуна байланган кайыш бир толгонуп коюлат. Аны ары-бери тартканда, жумуру таякча кыймылга келип, кездемеге куюлган шактын ширесин—бозону сүзүп чыгарат.

АТАЛЫК — илгерки Бухара ж-а Кокон хандарынын акылчысы; такты эзинин жашы жетиле элек мезгилинде анын милдетин аткаруучу киши. Монархтар бийлеген өлкөлөрдө айрым себептер м-н мамл башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу регент деген түшүнүккө туура келет. Кыргыздар Кокон хандыгына баш ийип турганда, Мусулманкул миңбашы, Абдымомун ж. б. хан тактысынын мурасчылары баралына жеткиче А. мансабында болушкан.

АТАЛЫК (өсүмдүктөрдө) — түлдүү өсүмдүктөрдүн аталык жыныс мүчөсү. Түлдөгү А-тын саны ар түрдүү. А. чаңдыктан ж-а жипчеден турат. Кай бир өсүмдүктөрдүн жипчеси өтө кыска же такыр өнүкпөгөн. Көп өсүмдүктөрдүн чаңдыктары чаңчалар уясы же кабы деп аталган 4 бөлүктөн турат. Буларда көп сандаган чаңчалар жаралат. Алар жетилгенде, чаңдыктар ачылып, сыртка таралат. Кээ бир өсүмдүктөрдүн аталыктары жетилбейт, алар тукумсуз А-тар же стаминодийлер деп аталат, к. *Түл.*

АТАЛЫК (укута) — баланын атасы ким экенин аныктоо. Баланын төрөлүшү А-ты тактоону талап кылат. Талашсыз А. ЗАГС органынын жазуусу м-н, талаштуу А. сот аркылуу гана аныкталат. Никелешкен жубайлардан жаңы туулган баланын атасын гражд. ал-абал актысына жазууга ишке ж-дөгү күбөлүк негиз болот. Никесиз эрди-катындан туулган бала мурда энесинин фамилиясына катталып келсе, 1968-жылдын 1-октябрынан баштап анын атасы да катталат. Баланын ошол атадан экенин далилдеш үчүн, сот жубайлардын бала төрөлгөнгө чейин бирге жашашкандыгына, чарбаны чогуу күтүшкөндүгүнө же баланы бирге тарбиялашкандыгына д. у. с. далилдерге көңүл бурат. 18 жашка толгон баланын А-ты анын макулдугу м-н гана аныкталат, ишке ашуура деп табылса да, бала м-н атанын ортосундагы укук мамилелери токтотулбайт, сов. закон никесиз ж-а никелүү жубайлардан туулган балдардын укук абалын бирдей деп карайт.

АТАЛЫК УРУК БЕЗИ, к. *Жыныс бездери.*

АТАЛЫК УРУУ, патриархат — алгачкы общиналык мамилелердин өтө кеңири таркалган формасы; ошол мамилелердин ыдыроо мезгили. Чарбачылыкта, коомдо ж-а үй-бүлөдө эркектин ролу күчөгөн кезде алгачкы общиналык түзүлүштүн тарыхында эпелик уруудан кийин чыккан. Архе-



Аталыктардын формасы: *1*-мең лубапаныкы; *2*-байчечекейдики; *3*-голубиканыкы; *4*-пироланыкы; *5*-жыттуу машакчаныкы; *6*-арктоустуку; *7*-галеопсистики; *8*-түтүк гүлдүкү; *9*-арнебияныкы; *10*-шалфейдики; *11*-пияздыкы; *12*-уу коргошундукү; *13*-бурачоктуку; *14*-каакымдыкы (беш аталыктын чаңдыктары биригип өскөн); *15*-сенегинини (сегиз аталыктын чаңдыктары биригип өскөн); *16*-буурчактыкы (он аталыгынын бирөө өзүнчө, тогузунун аталык жипчелеринин төмөнкү бөлүктөрү биригип өскөн); *17*-түн ала гүлүнүкү (аталык ж-а энеликтин чаңдагычы).

ол. жагынан коло дооруна ж-а алгачкы темир дооруна туура келет. А. у. дооруңда өндүргүч күчтөр бир кыйла дурус өнүгүп, чарбанын бардык тармактарында дыйканчылык, мал багуу, аңчылык ж-а балык уловдо эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулаган. Өндүрүштүн өнүгүшү алмашуунун күчөшүн ж-а жеке менчиктин пайда болушун шарттаган. Эркектер аялдарды өндүрүштүн негизги тармактарынан сүрүп чыгарып, алардын эмгегин көбүнчө үй-тиричилигин м-н чектеген. О. эле тууганчылык паркын ата жагынан куумай келип чыккан да, уруунун чарбалык бирдик мааниси жоголо баштаган. Бул кезде жуп ишке ордуна моногамия—бир ишке келип чыккан ж-а аялдар күйөөсүнүн общинасында турушу керек болгон. А. у-нүн андан аркы өнүгүшү мүлк б-ча жикке бөлүнүүнүн күчөшүнө, патриарх. кулчулуктун пайда болушуна ж-а коомдун таптарга бөлүнүшүнө алып келген. Бул теорияны Ф. Энгельс иштеп чыккан.

АТАЛЫК ҮЙ-БҮЛӨ, к. *Үй-бүлө.*

АТАМА СҮЙЛӨМ — жөнөкөй сүйлөмдүн кандайдыр бир перселер, окуялар, көрүнүштөр, орун ж-а мезгил кырдаалдарынын атын гана атаган бир түрү. Түзүлүшү жагынан жөнөкөй сүйлөмдөрдүн башка түрлөрүнөн айырмаланып, А. с-дүн баш мүчөлөрү белгисиз болот. Анын тутумуна кирген сөз же сөз айкаштары сүйлөм мүчөлөрүнө ажырабай, сүйлөмдүк касиетке интонациянын жардамы м-н гана ээ болот (мис., *Түн. Топ-топ мунарыктаган жылдыздар).* А. с. негизинен зат атоочтордон жасалат.

АТАМАН — 1) мамлекеттин бийлигине баш ийбеген аскер отрядынын же тобунун (кээде каракчылар тобунун) башчысы; 2) казак-орустардын аскер башчысы. Илгери элдик көтөрүлүштөрдүн жетекчилерин да А. дешкен (мис., Степан Разин). Дон казак-орустарында А-дар аскер коому тарабынан шайланган.

АТАН — бычмал төө. А. ингенге, буурага караганда чыдамкай келип, бат семирет. Ал 250—350 *кг* жүк көтөрүп, бир күндө 35—40 *км* жол жүрөт; 30—35 жыл жашайт, к. *Төө.*

АТАНА — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нундагы Кош-Дөбө сельсоветине караштуу кыштак. Ульянов атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Карабандан 20 *км* түш.-чыг. тарапта, Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 60 *км*. Калкы 960 (1971). Орто мектеп, китепкана ж-а клуб бар.

АТАНТАЙ (т. ж-а ө. жылы белгисиз) — Нарын өрөөнүндөгү кыргыз уруулары-нын Цинь (Кытай) империясына ж-а Кокон хандыгына каршы көтөрүлүштөрүнүн жетекчиси. Калк арасында кеңири белгилүү болгон *Тайлак Баатырдын* агасы. 19-к-дын башында Жангир Кожо Цинь империясынын үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүш чыгарганда, ал негизинен Атантай ж-а Тайлак Баатырдан колдоо алган. Цинь



Ататүрк.

аскерлери жапып жүргон Жангир Кожону өдеп 1820-ж. Нарын өрөөнүнө келип, кыргыз айылдарын чапп, кайтып бара жатканда А. м-н Тайлактын колу кытайларды куун барып, кыргын салган. Ошондон кийин Борб. Тянь-Шанга Цинь аскерлери катылбай калган. 1831-ж. нарындык кыргыздар Кокон ханды-гына карш түн көтөрө чыкканда да аларга А. жетекчилик кылган (Тайлак м-н бирге). 1850-ж. Түн. Кырг-ндагы уруу башчылары орус падышачылыгынын карамагына өтүү ж-да өтүнүч жиберишкенде, алардын арасында А. да болгон.

АТАНТАЙ ЖООМАРТ (Хатамтай) — чыг. элдеринин көпчүлүгүнүн фольклорунда кезиккен каарман. Ал кыргыздарга «Миң бир түн» жомогу аркылуу өтүп, аның аты да, окуялары да эл арасында төл чыгарма катарында сиңип кеткен. Кыргыз эли бул каарманды өз көз карашына, түшүнүгүнө жараша кайрадан жаратып, аның атын, кулк-мүнөзүн карапайым адамдардын турмушуна жакындатырган. Натыйжада малга жарды, бирок пейли кенен, бей-бечерага, жетимжесирге кайрымдуу, жоомарт, акылдуу ж-а ак көңүл меймандос А. Ж-тын образы кыргыздардын төл каарманы катары эсептелет.

АТАРАКСИЯ (гр. ataraxia — кебелбестик) — байыркы грек этикасындагы адамдын токтоолугун асыл көрүнүш деп тааныган түшүнүк. Демокрит, Эпикур, Лукреций А-га жетүү жолу — дүйнөнү таанып билүү, коркунучту жеңип, чочулоодон бошонуу десе, Пиррон ж. б. болуп жаткан окуяга көңүл коштук мамиле кылууда деген. Маркстик этика турмушка баамдоочулук мамиле кылууну жактап, скептиктер жактаган идеяны жокко чыгарат.

АТАТҮРК Мустафа Кемаль (1881, Салоники, — 10. 11. 1938, Стамбул) — Турция Респ-касынын негиздөөчүсү ж-а аның туңгуч президенти (1923—38), көрүнүктүү аскер ишмери, бурж.-помещиктик Элдик респ-калык партиянын башчысы. А. («Түрктөрдүн атасы») деген фамилиясы ага Турциянын Улуттук улуу чогулушунда берилген (1934). Салоникидеги жыгач соодагеринин үй-бүлөсүндө туулган. Стамбулдагы Генштабдын академиясын бүтүрүп чыккан. *Жаш түрктөр революциясына (1908)*, Италия-Турция согушуна (1911—12), 2-Балкан согушуна (1912—13) катышкан. 1-дүйн. согушта Дарданелълди коргоодо (1915) көрүнүктүү роль ойногон. Кавказ (1916—17), Сирия-Палестина (1917—18) фронторунда жог. командачылык кызмат аткарган 1919-ж. бурж.-улуттук (кемалчылар) рев-ясына жетекчилик кылган. Рев-ның натыйжасында англ.-грециялык интервенттер өлкөдөн куулуп чыгат (1922), Султанат жоюлуп (1922), Турция респ-ка болуп жарыяланат да (1923), А-ко маршал, газы (жеңүүчү) деген атактар берилген. Ал мамл. ж-а админ. закон, мад-т ж-а турмуш жагында бурж. мүнөздөгү бир катар реформаларды жүргүзүп, Турциянын капит. жол м-н көз карандысыз өнүгүшүн камсыз кылууга аракеттенген. 1921-ж. 16-мартта «РСФСР менен Турциянын ортосунда достук мамиледе болуу жөнүндө», 1925-ж. 17-декабрда «СССР менен Турциянын ортосунда бейтараптуулук жөнүндө» договорлор түзүлгөн.

АТАШ-ЧАПКАН — Талас өрөөнүндөгү Күркүрөө суусунун сол куймасы. Уз. 33 *км*. Талас Ала-Тоосунун түн. капталынан башталат. Жог. агымы куун капчыгайлар м-н агып, тоодон чыкканда, пугу кеңейип, тайыздайт. Ири куймасы — Арабик (16 *км*). Жылдык орт. чыгымы 1,78 $м^3/сек$. Кар, мөңгү ж-а булактардан куралат. Май айында кирип, июлда ташкындайт да, октябрда тартыла баштайт. Сугатка пайдаланылат.

АТА-ЭНЕЛЕР КОМИТЕТИ — мектеп м-н дайыма байланыш жасоо үчүн уюштурулган ата-энелердин коомдук уюму. А.-э. к. мектептеги ата-энелердин чогулуштарында сунуш кылынган өкүлдөрдөн бир жылдык мөөнөткө шайланат. Аның пред-ли педсоветтин мүчөсү болот. А.-э. к-нин иш планы мектептин жалпы иш планына ылайык окуу жылына же жарым жылга түзүлөт. А.-э. к-нин мүчөлөрү ата-энелер м-н байланышып, мектептин окуу-тарбия иштерин жакшыртуу, материалдык базасын чыңдоо ж-а жалпыга милдеттүү окуу законун турмушка ашыруруга көмөк көрсөтөт.

АТА-ЭНЕЛЕРДИН КАДЫР-БАРКЫ — жакшы сапаттары м-н ата-энелердин балдарга тийгизген таасири. Ата-энелер өндүрүштө, коомдук иштерде ж-а үй-бүлөдө жүрүш-туруштары аркылуу балдарга үлгү болушат. Балдарды жеке кызыкчылыктан коомдун кызыкчылыгын жогору коюуга тарбиялоо зарыл. Үй-бүлөдөгү ынтымактуулуктан ж-а пед. туура тарбия берүүдөн А.-э. к.-б. жогорулайт. Балдар чын дили м-н ата-энесин урматташы, алардын сөзүн, кеңешин ж-а койгон талабын өз ыктыары м-н аткарышканда гана А-э. к.-б. коммунисттик моралдын талабына жооп берет. Улуу педагог А. С. *Макаренконун* А.-э. к.-б. ж-дө маанилүү көп эмгектери бар. Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү сыйлоо кыргыз үй-бүлөсүндө өзүнчө салттардан болуп саналат. Коммунисттик курулуштун мезгилинде аның мазмуну жаңы принциптер м-н байыды.

АТА-ЭНЕЛЕРДИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ. Ата-эне балдарын коммунизмди куруучунун моралдык кодексинин духунда тарбиялоого, алардын ден соолугу ж-а дене түзүлүшүнүн өсүшү, билим алышы, коомдук пайдалуу ишке даярдалышы ж-де камкордук көрүшү тийиш. Өз кезегинде балдар эмгекке жараксыз ата-энелерине жардам берүүгө милдеттүү (к. *Алименттер*). Ата-энелер укуктарын кыянаттык м-н пайдаланган учурда, сот аларды ата-энелик укуктарынан ажыратат, бирок балдарды багуу милдетинен бошотпойт. 14 жашка чейин балдардын тептектигинен келтирилген мүлктүк зыянкерчилиги үчүн ата-энелер гана жооптуу болсо, 14 жаштан 18 жашка чейинки балдар ата-энелери м-н бирдей жооптуу.

АТА-ЭНЕЛИК УКУКТАН АЖЫРАТУУ, к. *Ата энелердин укуктары жана милдеттери.*

АТБАРА — Судандын түн.-батышындагы шаар. Атбара д-ның Нилге куйган жеринде жайгашкан. Калкы 48,3 миң (1965). Т. ж. тоому. Т. ж. устаканасы, ири цемент з-ду бар. Кебез, дан эгиндери, жемиш ж-а мал м-н соода жүргүзөт.

АТ-БАШЫ — Нарын обл-ның Ат-Башы р-пундагы суу, Нарын д-ның сол куймасы. Уз. 180 *км*, алабынын аянты 5540 $км^2$. Нарын ж-а Жаңы-Жер тоолорунан башталган Улан ж-а Жаңы-Жер сууларынын кошулушунан пайда болот. Башы куун ж-а терең капчыгай аркылуу агып, Ат-Башы өрөөнүнө чыкканда, салааларга бөлүнүп, жайылып агат да, пугу кеңеет (0,5—0,9 *км* ге чейин). Кара-Коюн суусу кошулгандан кийин, түндүккө бурулуп, Карача тоосун кесип, капчыгай м-н Нарын д-на куят. Ири оң куймалары: Көлмө (48 *км*), Улан (30 *км*), Бороонду (28 *км*), Көк-Жар (25 *км*), Баш-Ача, Ача, Ичке-Суу ж. б. Сол куймалары: Кара-Коюн (81 *км*), Үйүрмө (29 *км*), Туюк-Богошту (26 *км*), Терек-Суу (23 *км*), Балыкты, Көк-Жылга, Ача-Кайынды. Жалпы уз. 393 *км* келген 202 майда куймасы бар. Башында Көш-Көл, Жашыл-Көл, Көкүй-Көл ж. б. майда көлдөр бар. Май айында кире баштап, июнь — июлда ташкындайт, ноябрда тартылат. Жылдык орт. чыгымы 33,2 $м^3/сек$, эң көбү 43,6—47,6 $м^3/сек$ (май — августта), эң аз чыгымы 23,9—25,1 $м^3/сек$ (янв.— февр.), суусу кар, мөңгү ж-а булактардан куралат. Ат-Башы суусунун боюнда Ат-Башы ГЭСи, Достук пос. курулду. Сугат иштерине пайдаланылат. Боюнда Ак-Муз, Ак-Моюн, Талды-Суу, Ача-Кайынды ж-а Ат-Башы кыш-тары жайгашкан.

АТ-БАШЫ ГЭСи — Нарын д-ның сол куймасы — Ат-Башы суусундагы электр станция. Жалпы кубаттуулугу 40 миң *квт*, жылына 105 миң *квт/с* электр кубатын иштеп чыгарат. ГЭСтин курулушу 1964-ж. башталып, 1970-ж. бүткөрүлүп, Түн. Кырг-ндын бирдиктүү энергия системасына бириктирилген. Бул Борб. Тянь-Шандагы Нарын д-ның алабындагы (Үч-Коргон, Токтогулдан кийинки) 3-гидростанция. Станция келечекте Токтогул ГЭСи м-н бир энергия системасына бириктирилмекчи. Бул станция деңиз деңг. 2000 *м* бийиктикте жайгашкан, туурасы 30 *м*, бийикт. 80 *м* плотина 40 млн. $м^3$ суу топтойт да, Ак-Талаа р-нунун миңдеген гектар жерин сугарууга мүмкүнчүлүк берет.

АТ-БАШЫ КАНАЛЫ — Кыргыз ССРнин Кант р-нундагы ири сугат тармагы. 1937-ж. пайдалануурга берилген. Чүй суусуна курулган Чомүч плотинасынан башталып, Кант ж-а Сокулук р-ндорундагы 21 миңден ашык *га* жерди суу м-н камсыз кылат. Каналдын башкы курулушундагы суу чыгымы 31 $м^3/сек$. Каналдын уз. 43,4 *км*. Каналда 25 гидротех. курулуш, 19 суу ченегич, 37 суу бөлүштүргүч, 5 көпүрө, 1 насос станциясы бар. Бул насос станциясы м-н бийик жердеги суу сактагычка каналдан сугатка керек суу күчөлат. Каналдын жээктерине бак-дарак тигилген. Алар жерг. курулуш материалы катары атайын даярдалып, суу ташкынынан сактануу ж. б. чаралар үчүн керектелет.

АТ-БАШЫ КАПЧЫГАЙЫ — Ат-Башы өрөөнүнүн түн. жагындагы Карача тоосунун чыг. бөлүгүн түштүктөн түндүккө кесип өткөн куун капчыгай. Абс. бийикт. 1860—1900 *м*. Уз. 6 *км*, туурасы 20—150 *м*. Капталдары бийик (200—400 *м*), куун ж-а тик (50—60°). Капчыгайдын түп. бөлүгү бир аз жайык, таш ураган жерлер көп, түп. тарабы куун. Капчыгай аркылуу Ат-Башы суусу агат. Антецеденттик типке кирет. Капчыгай палеозой заманынын кристаллдык чулу тоо тектеринен турат, түш. бөлүгүндө палеоген м-н неогендин конгломерат ж-а кумдук чөкмө тоо тектери жатат. Капчыгайдын капталындагы күнөстүү майда торпуларда чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү өсөт. Ат-Башы суусунда Ат-Башы ГЭСи курулган.

АТ-БАШЫ КЫРКА ТООСУ — Ичке Тянь-Шандын түш. бөлүгүндөгү кырка тоо. Түш.-батыштан түн.-чыгышка карай созулуп жатат. Уз. 135 *км*, туурасы 20—35 *км*. Басымдуу бийикт. 3800—4000 *м*, эң бийик жери 4786 *м*. Ак-Сай м-н Ат-Башы өрөөндөрүн бириктирип турган ашуулар: Уюлма (3801 *м*), Богошту (3907 *м*), Таш-Рабад (3968 *м*), Жеңичке (4063 *м*). Рельефи ар түрдүү. Бийик тоолордо жоолуу кайыкылар, аскалуу чокулар басымдуу келип, мөңгү муздар жатат. Капталдарында капчыгайлуу өрөөндөр, суу жеп кеткен кокту-колоттор, чуңкурлар көп. А. к. т-н негизинен кембрийге чейинки силур, девон, таш көмүр, пермь мезгилдеринде пайда болгон тоо тектер (гнейс, сланец, конгломерат, кумдук, акиташ тектери, мрамор, туф, порфирит) түзөт. Тоо аралык ойдуңдар м-н суу өрөөндөрүндө антропоген мезгилинде пайда болгон аллювий ж-а мөңгүлүк чөкмө тектер топтолгон. Интрузия тоо тектеринен: габбро, габбро-диабаз, диорит, граподиорит, гранит ж-а сиениттер бар. Ат-Башы антиклинорийи — кырка тоонун тектон. негизги структурасы. Пайдалуу кен байлыктарынан сыман (Ичке, Таш-Рабад, Шырыкты, Ак-Бейит), коргошун, никель ж-а курулуш материалдарынын кендери белгилүү. Неотектоникасы б-ча — мегоантиклиналь. Байыркы муз кантоолордун издери Ача-Кайынды, Чет-Келтебек, Богошту, Баш-Кайынды, Таш-Рабад, Шырыкты тоолорунда сакталып калган. А. к. т-да азыркы мөңгү-муздардын аянты 150 $км^2$ ге жетет. Тоонун түш. бетинде негизинен тундраниваль (3900—4300 *м*), альпы-субальпы (3600—3900 *м*) тилкелери жатат. Түн. бетинде ландшафттын 6 алкагы бар. Мис., Богошту — Кайынды тарабында тоолуу-талаа (2400—2700 *м*), тоолуу-шалбаа (2700—3000 *м*), тоолуу-токой (2900—3400 *м*), субальпы, альпы (3400—3800 *м*) ж-а тундра (3800—4300 *м*) тилкелери; бат. жагы каксоо келип, тоолуу-талаа, субальпы, тундра тилкелери ээлейт.

Ад.: Исаев Д. И. и др., Рельеф Киргизии, Фр., 1964; Шульц С. С., Анализ новейшей тектоники и рельеф Тянь-Шаня, Л., 1948; Чупахин В. М., Физическая география Тянь-Шаня, А.—А., 1964.

АТ-БАШЫ ӨРӨӨНҮ — Ички Тянь-Шандын түштүгүндөгү өрөөн. Түндүгүнөн Нарын, Байбиче, түштүгүнөн Ат-Башы тоолору м-н чектешет. Уз. 150—160 *км*, туурасы 15—20 *км*. Өрөөн деңиз деңг. 2000—2500 *м*, аны курчаган тоолор 3400—4900 *м* бийиктикте. Рельефи негизинен адырлуу ж-а түзөң. А. өрөөн палеоген ж-а неоген мезгилдеринде пайда болгон кыргыздын кызыл түстүү комплекси м-н антропоген мезгилиндеги аллювий, мөңгү-суу чөкмөлөрү бар. Өрөөндүн тектон. негизги структурасы — ак-муз, кутурган антиклиналдары. Пайдалуу кендеринен чопо (кирпич сырьесу), мергель (цемент сырьесу) ж-а туздун майда кендери белгилүү. Палеоген ж-а неогендин чопо, кумдук тектеринен турган адырлар (Көлмө, Ойноктар, Бороонду, Ноот-Булак) өрөөндүн түн. жагын ээлеп жатат. Климаты континенттик, кышы суук, жайы салкын, орточо жылдык темп-расы 10—15°С, макс. 34—36°С, миним.— 20—25°С. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү 250—400 *мм*. Тоонун бийик капталдарында мөңгүлөр бар. Суулардын режими негизинен кар-муз, жаан-чачындын болушу менен байланышкан. Сууларында мөңгүлөр бар. Суулардын

жогору) түбөлүк мөңгү жатат. Ири суулары: Ат-Башы, Ак-Сай, Кара-Коюн, Арпа. Райондун түштүгүндө Ат-Башы ж-а Какшаал кырка тоолорунун ортосундагы ойдунда *Чатыр-Көл* жайгашкан. Тоолордун түн. капталдары нымдуу келип, токой (карагай, бай терек), бадал ж-а шалбаа, түш. капталдары жарым чөлдүү келип, көбүнчө бетеге, шыбак өсөт. Аркар, тоо эчки, карышкыр, аюу, илбирс, түлкү, суур ж. б. жаныбарлар; улар, бүркүт, кекилик, чөкө таан сыяктуу канаттуулар кездешет. Калкынын дээрлик көпчүлүгү — кыргыздар. Ат-Башы кыш-да үйгүр, дунган ж-а орус калкы да бар. Калкынын орт. жышт. 1 *км*² ге 1,5 киши. А.-Б. р-нунда негизинен мал чарбасы өнүккөн. Өрөөндүн бир аз бөлүгү гана айдоо алынына пайдаланылып (Ат-Башы өрөөнү), көпчүлүк бөлүгү жайыт (Кырг-ндын жалпы жайытынын 12%не жакын). Чарбасы негизинен уяң жүндүү кой өстүрүүгө адистештирилген. Райондо 0,5 млн-го жакын кой-эчки, 6,8 миң үй, 10,8 миң топоз, 14,1 миң жылкы багылат. Алардын негизги тоют базасы — жайыт (235 миң *га*). Айдоо жерлери да негизинен тоют даярдоого багыт алып, арпа, сулу айдалат. А. Б. р-нунун аймагы м-н Нарын — Торугарт, обл. маанидеги Нарын — Бешбелчир — Чатыр-Таш, Торугарт — Чатыр-Таш шоссе жолу өтөт. Тоолордо, капчыгайларда ж-а жайыттарда көч жолдору арбын. А.-Б. р-нунда Кырг-н дыйканчылык ил.-из. ин-тунун тоют станциясы, 15 орто, 4 сегиз жылдык, 2 башталгыч мектеп, маданият үйү, 14 клуб, кинотеатр, 26 китепкана, 4 оорукана, 1 поликлиника, 2 аптека, 19 медпункт, элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат бар. 1932-жылдан бери «Жеңиш жолу» газетасы чыгат. Маанилүү тарыхый эстеликтери: Таш-Рабат (Кербен сарай), Кошой-Коргон (байыркы шаар урандысы). Элдин эс алышы, туризм үчүн райондо көп кооз жерлер (Босого, Улан, Жаңы-Жер, Таш-Рабат, Бешбелчир ж. б.) бар.

Лит.: Проблемы развития и размещения производительных сил Киргизской ССР. Сельское хозяйство, Фр., 1969; Ороагожоев Б. О., Природа высокогорных пастбищ Внутреннего Тянь-Шаня, Фр., 1968; Чупахин В. М., Физическая география Тянь-Шаня, А.-А., 1964.

АТ-БАШЫ РУДА ТАЛААСЫ — Ат-Башы кырка тоосунун түн. капталындагы сымаптын 20дан ашык майда кендери жайгашкан аймак. Ал уз. 25 *км*, туурасы 1 *км* аянтты ээлеп, негизинен силур мезгилинде пайда болгон мрамор ж-а лиственит тоо тектеринен түзүлгөн. *Ат-Башы — Эңилчек терең жаракасы* аймактын түш. тарабынан өтүп, аны бойлой жер бетине серпентиниттелген гипербазиттердин интрузиялары чыгып жатат. Сымап кендери мрамор тегиндеги брекчия зоналарынан орун алган; ал листвениттердеги тектон. жаракаларда ж-а терриген чөкмөлөрүндөгү кварц-анкерит тарамчаларында да бар. Рудадагы сымаптын өлчөмү 0,1—0,3%ке жетип, алар негизинен *киноварь* м-н метациннабарит сыяктуу минералдардан турат. Кендер Ат-Башы—Эңилчек терең жаракасы м-н байланыштуу болуп, герцин металлогениялык доордун аягында гидротермалык жол м-н пайда болгон. Аймактагы кендердин маанилүүсү — Коргон-Таш, Ак-Бейит, «Мраморный» ж-а Таш-Рабат, бирок алар азырынча казылып алынбайт.

АТ-БАШЫ — Нарын областындагы Ат-Башы районунун борбору, кыштак. Нарын шаарынан 45 *км*, Рыбачье темир жол станциясынан 244 *км* аралыкта, *Ат-Башы* суусуна Кара-Коюн суусунун куйган жеринде жайгашкан. Калкы 8151 (1974). А.-Б-да рев-ята чейин Пишпек — Кашкар соода жолундагы кербен сарай жайгашкан. А.-Б-да сүт-май з-ду, элди турмуш-тиричилик жагынан тейлөөчү комбинат, 2 орто, 1 сегиз жылдык мектеп, мектеп-интернат, райондук маданият үйү, кинотеатр, оорукана, пионерлер үйү ж-а китепканалар бар. Айтылуу Кошой-Коргон (байыркы сепил-шаар урандысы) А.-Б-нын бат. жагында. Чыг. тарабында Ат-Башы суусун бойлой бай терек, тал өскөн токой жатат. А.-Б. кыш. райондун бардык жагы м-н шоссе жолу аркылуу байланышып турат, кыштакка жакын жерден Фрунзе — Торугарт жолу өтөт.

АТ-БАШЫ ШААР УРАНДЫСЫ — Ат-Башы суусунун бат. тарабынан 12 *км* аралыктагы Кара-Коюн суусунун жээгинде жайгашкан о. кылымга тиешелүү шаар чалдыбары. Байыркы Ат-Башы ш. деген ат м-н тарыхта 10-к-дан бери белгилүү (Ибн Хордатбектин маалыматы б-ча). Аның аймагынан табылган археол. табылгаларга караганда шаар 10—12-к. курулган. Ал кочмон түрк урууларынын кагандарынын убактылуу ставкасы ж-а коргонуу чеби болгон деп эсептелет. Аның урандысында кол өнөрчүлүк ж-а тиричилик буюмдары жокко эсе. Урандыны жерг. эл Манастын акылман шакирти Кошойдун мүлкү бекитилген чеп болгон дешип, аны Кошой-Коргон деп да аташат.

Лит.: Бернштам А. Н., Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая, М.— Л., 1952.

АТ-БАШЫ — ЭҢИЛЧЕК ЖАРАКАСЫ — Фергана кырка тоосунун чыг. тарабындагы Түш. ж-а Ортоңку Тянь-Шань зоналарынын тоо тек катмарларын бөлүп туруучу тектон. эң *терең жарака*. Ал батыштан түн.-чыгышты карай Ат-Башы кырка тоосунун түн. этеги м-н созулуп, Улан, Кок-Жар, Чакыр-Корум өрөөндөрү аркылуу өтүп, Ак-Шыйрак кырка тоосунун түш. капталы аркылуу Эңилчек суусун бойлоп кетет. СССРдин аймагында жараканын уз. 500 *км* ден ашат. Бул жаракага жанаша жайгашкан тоо тектер өтө талкаланып ж-а *метатоморфизмделип*, негизинен *сланецтерге* айланган. Жаракa *палеозой* заманынын орто ченинде эле ар кандай багытта жылышкан жер кыртыш бөлүктөрүн ажыратып турган. Геофиз. аныктоолор б-ча, ал *жер кыртышын* бүт жарып өтүп, мантиянын үстүн бир кыйла жылыштырып жиберген эң терең жаракалардан.

АТЕИЗМ (*a*... ж-а *theós*—кудай, б. а., кудайсыздык) — кудайга, табигаттан тышкары күчкө таянган ар кандай диний ишенимге каршы турган матер. көз караштардын системасы. А-дин негизги максаты динди жөн эле таануу эмес, анын идеол. мазмунун ил. сынга алуу, диний көз караштарды, ишенимдерди, ырым-жырымдарды жоюнун жолдорун белгилеп, алардын тактык ж-а таанып-билүү себептерин ачып көрсөтүү. А. матер. көз караштын маанилүү жагы катары коомдун өнүгүшүндө пайда болуп, өөрчүгөн. Аның конкреттүү мазмуну ар бир доордо, ар бир өлкөдө ага каршы күрөшкөн диний окуулардын мүнөзүнө жараша болгон. Мис., байыркы Кытайда (Сунь-Цзы, Ван-чун) ж-а Индияда (Локаята — «чарвак» мектеби) материалисттер динди ж-а адепки диний китептерди сынга алып, алгачкы атеисттик ой-пикирлерди таратса, Греция м-н Римде А-дин өнүгүшү бир кыйла бийик деңгээлге көтөрүлгөн. Грецияда милет мектебинин философтору айлана-чөйрөнү илимий-матер. көз караш м-н баамдоого аракет кылышкан. Феодализм доорунда диний идеологиянын миң жыл чамасында үстөмдүк кылышы байыркынын мадтын жүздөгөн жылдарга артка тартса да, эркин ой-пикирди жогото алган жок. О. кылымда Европада дин үстөмдүк кылып турганда, илимдин, эркин ой-пикирдин өсүп борбору Иранга ж-а аның маданий чөйрөсүнө кирген өлкөлөргө (О. Азия) ойот. Ырас, о. азиялык белгилүү ойчул окумуштуулар *Аль-Хорезми, Беруни, Низами, Ибн Сина* ж. б-лар философияда идеалисттик позицияда турушса да, алардын Бат. Европанын кайра жаралуу дооруна тийгизген таасири зор. 19-кдын 1-жарымында А. Германияда бир кыйла өнүгөт. Ал мезгилдеги А-дин өң көрүнүктүү өкүлү — Л. Фейербах. Фейербах динди, диний ырым-жырымдарды ж-а түшүнүктөрдүн келип чыгышын изилдеген. 18—19-к. А-дин пускалуу салттарын орус рев-ячыл демократтары өөрчүткөн. Алар дин тарыхтын белгилүү баскычында пайда болгонун белгилешип, бирок аның тапсыз коомдо аста-аста жок болорун түшүнө алышпаган. Ил. коммунизмге негиз салуучулар К. Маркс м-н Ф. Энгельс өткөндөгү атеисттер динди келип чыгышы м-н алек болгонун сынга алышып, максат рев-ячыл жол м-н диний идеологияны пайда кылуучу ж-а коргоочу коомду жок кылууда экенин баса көрсөтүшкөн. В. И. Ленин, К. Маркс м-н Ф. Энгельс түзгөн ил. атеизм теориясын өнүктүрүп, партиянын динге ж-а аның уюмдарына карата болгон программасын түзүүдө чечүүчү ролду ойноду. В. И. Ленин өзүнүн «Жумушчу партиясынын динге карата мамилеси жөнүндө» деген эмгегинде: «Динге каршы күрөшө билүү керек, ал эми бул үчүн массанын кудайга ишенишинин ж-а диндин булагын материалисттик негизде түшүндүрүү керек»,— деп талап кылган (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 15-т., 438-б.). В. И. Ленин иштеп чыккан ил. атеизм теориясы КПССтин ж-а Совет өкмөтүнүн динге болгон мамилесинин түпкү негизин түзөт. Буга чиркөөнү мамлекеттен, мектепти чиркөөдөн бөлүү ж-дөгү лениндик Декрет далил болот. КПСС ил. атеизмдин лениндик принциптерин ишке ашырууда чоң ийгиликке жетишти. СССРдеги тарыхый өзгөрүүлөрдүн негизинде, өлкөбүздүн көпчүлүк граждандары диндеп кол үзүү. Лениндин атеисттик курастары диний ж-а бурж. идеология м-н күрөшүүдө негизги курал болуп эсептелет.

Лит.: Маркс К. жана Энгельс Ф., Дин жөнүндө, Фр., 1960; Ленин В. И., Дин жөнүндө, Фр., 1955; Абдылдаев С. А., Балдарды үй-бүлөдө жана мектепте атеисттик тарбиялоо, Фр., 1973; Коммунистическая партия и Советское правительство о религии и церкви, М., 1959; Ярославский Е. М., О религии, М., 1957.

«АТЕИСТ» — атеисттик ад-тты басып чыгаруу ж-а таркатуу коомунун журналы. Журнал 1923—30-ж. айына чыгып турган. «А.» бардык диний уюмдардын реакциячыл маңызын ашкерелөөдө, диндин тарыхын ж-а теориялык маселелерин баяндап, атеизмди СССРде ж-а чет өлкөлөрдө жайылтуу хроникаларын, о. эле дин ж-а чиркөө ж-дөгү (асыресе бурж.-либералдык окумуштуулардын да) эмгектерди басып чыгарууда зор роль ойногон.

АТЕИСТТИК ПРОПАГАНДА — массаны ил.-атеисттик көрүнүштөр м-н кеңири тааныштыруу, диндин илимге кайчы келерин, таптык-эксплуатациялык мазмунун ачып көрсөтүү аркылуу динге каршы күрөш жүргүзүү. А. п. компартиянын көпчүлүк арасындагы идеол. иштинин ажырагыс составдык бөлүгү, эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоонун маанилүү тармагы. Ал дүйнөнү илимий-матер. көз карашты түзүүгө ж-а динге ишенгендердин аң-сезимин диний ырым-жырымдардан бошотууга багытталган. А. п-нын маанилүү милдети — партиянын Программасында көрсөтүлгөн *коммунизмди курууучунун моралдык кодексин*, коммунисттик мораль м-н диндик моралдын карама-каршылыгын түшүндүрүү. А. п-ны системалуу түрдө жүргүзүп, диний ырым-жырымдардын, салт-каадалардын бетин ачып, жаңы салттарды пропагандалоо зор маанилүү.

АТЕИСТТИК ТАРБИЯ — адамды дүйнөнү матер. көз караштa тарбиялап, диндик адашуулардан ж-а ырым-жырымдардан кутултуу максатында ага системалык түрдө таасир көрсөтүү. А. т-ның ар түрдүү формалары ж-а методдору бар: балдарды үй-бүлөдө, мектепте тарбиялоо, калк арасында оозеки ж-а басма сөз аркылуу *атеисттик пропагандаңы* жүргүзүү, коомдук уюмдар аркылуу таасир көрсөтүү ж. б. Тарбиялоонун башка тармактары сыяктуу эле А. т-да да объективдүү өбөлгөлөрдү ажыратуу, б. а. социалдык-экон. шарттарды ж-а тарбияланоонун субъективдүү жагын аныктоо керек. Соц. коомдо А. т-ның нйгилигин камсыз кыла турган объективдүү өбөлгөлөр түзүлүп, диндин социалдык тамырлары кыркылган, адамды адам эзүү жок кылынган. Бирок биздин коомдо диндин сакындыларын жоюуга кыйынчылык келтирген көрүнүштөр али да болсо кезигет. О. эле маданий турмуш шарттары жагынан таар м-н кыштактын ортосундагы айырмачылык, тиричиликке байланыштуу кээ бир үй-бүлөлөрдө аялдардын коомдук пайдалуу эмгектен алагды болушу д. у. с. көрүнүштөр айрым сов. адамдардын диний ырым-жырымдардан кутулушуна жолтоо кылып жатат. А. т-ны ил. жактан уюштуруу конкреттүү шарттарда динге ишенүүнү, коомдук аң-сезимдин (бөтөнчө коомдук психологиянын) өнүгүш тенденцияларын, калктын ар кандай катмарларынын күндөлүк тиричилигин ар тараптан изилдөөнүн негизинде түзүлөт. А. т-да динге ишенгендер м-н жекече иш жүргүзүү бөтөнчө орун ээлейт. А. т-дагы таасир көрсөтүүнүн башкы методу — илим-билимди пропагандалоого негизделген ынандыруу жолу.

АТЕЛЕКТАЗ (гр. ateles — толук эмес, ektasis — кеңүү) — өпкө ткандарының ыйлаакчаларында абанын такыр же жарым-жартылай жок болуп, көлөмүнүн кичирейип жыйрылышы. Организмде аба алмашуу негизинен өпкөнүн майда баштыкчаларында (альвеола) өтөт. Аба өтүшүнө тоскоол болуучу шарттардын натыйжасында абасыз калган альвеолдор кичиреет. Бала курсакта өсүү мезгилинде өпкө м-н дем албагандыктан, альвеолдор жыйырылган абалда болот. Бала төрөлгөн учурда айрым себептерден (дем алуу кыймылынын начарлыгы, өпкөнүн аба түтүкчөрүнүн бүтөлүп калуусу ж. б.) альвеолдорго аба барбай, алар жазылбай жыйырган бойдон калат. А. өпкө сезгенгенде, анын кабына (плевра) суюктук толгондо, аба түтүкчөрүнүн кысылуусунан же бүтөлүп калуусунан пайда болот.

АТЕРОМА (гр. athera — ботко сымал, oma — шишик) — теридеги же аның астындагы ар кандай көлөмдөгү зыянсыз шишик. Көбүнчө теринин май бездери арбын жайгашкан жеринде (баш, бет, жыныс органдарында) кездешет. А. май бездеринин түтүкчелөрүнүн бүтүп калышынан пайда болот. Ар кандай дүүлүгүүлөрдөн А-да сезгенүү пайда болуп, ириңден кетсе, хирургиялык жол м-н алынат.

АТЕРОМАТОЗ (гр. athera — ботко сымал) — холестерин кристаллдары ж-а аки таштын туздары, ботко сымал майлуу массасы бар ткандардын чогулган жери. А. атеросклероз м-н ооругандардын артериялык ири кан тамырларының (толто, акырек, колтук, мээ ж-а ийин) ички бетинде көп кездешип, тамырдын ичин карай дөмпөйүп чыгып турат. А. ар кандай көлөмдө болот (мис., толтодо бир нече *см* ге чейин жетет). Кан тамырдын ички кабыгындагы А. тамырдын ортоңку булчуң кабыкчасына да жайылат. Тамырдын ички бетин тешип чыкса, ал жерде А. жарасы пайда болуп, кан уюп калууга мүмкүнчүлүк түзөт. Уюган кан тамырларды толук бүтөн калышы ыктымал. Бул көбүнчө жүрөктүн артерияларында учурайт.



В. Атишов.

АТЕРОСКЛЕРОЗ (гр. athera — ботко, seheres — берч) — адамдын денесиндеги липоиддик зат алмашуунун бузулушунан кызыл кан тамырларын, андан кийин аортаны, бөйрөктүн, мээнин, өпкөнүн, ичегинин карындын, буту-колдун артерияларын бузат; жүрөктүн эң коркунучтуу оорусу — инфарктын, мээнин писульт ооруларынын негизги себеби болуп саналат. Бул оорунун пайда болушуна жаштын улгайышы, туура эмес тамак (холестерини көп мээ, бөйрөк, жумуртканын сарысы, балык икрасы ж. б.) ичүү борб. нерв системасынын бузулушу, ичкиликке берилүү, чылым чегүү ж. б. көмөктөш болот. О. эле акыл эмгеги м-н иштеген адамдар, эркектер көбүрөөк ооруйт. А-дун сырткы белгилери булар: териге эрте бырыш кирет, чач агарат ж-а түшөт, өң карт сымак көрүнөт, кандын составында холестерин көбөйөт, жүрөктүн (стенокардия, инфаркт), мээнин (баш айлануу, баш оору, унутчаак болуу, кандын басымынын жогорулашы), бөйрөктүн иштеши начарлайт, буту-кол ооруй баштайт ж. б. А. оорусун дарылоодо перв системасын тынчалдыруучу, кан тамырларды кеңейтүүчү дарылар, түрдүү витаминдер (B_1, B_6, B_{12}, С) кеңири колдонулат. Ооруну алдын алууда туура тамактануу, эмгек ж-а эс алуу режимдерин туура пайдалануу, узагыраак уктоо, физ-ра ж-а спорт оюндарына катышуу чоң мааниге ээ.

АТИШОВ Боронбай (1930-ж. т.) — Ош обл-ның Ноокат р-нундагы «Россия» к-зунун тамеки өстүрүү бригадасының бригадири (1956). Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1961-жылдан КПССтин мүчөсү. 1965-ж. 29,5 *га* аянттагы «Самсун-4—28» сортундагы тамекинин ар

гектарынан 33,9 *ц* түшүм алган. Ал Кыргыз ССР Жог. Советинин 7-шайл. депутаты. Ленин ордени ж-а Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

АТКА МИНЕР — өткөн убакта өзүндө бийлик жок, бий-болушка жан-жөкөр болуп күн көргөн киши. Ал күч эмгегинен качып, ат үстүндө жүрүп оокат кылган кошоматчы, мансапкор адам деген маанide айтылган. Ат. м-дин иши болушту, бийди ж-а старчындарды шайлоо учурунда күчөгөн. Алар шайлоо убагында күн-түн дебей айылдан айылга чапкылашып, көрсөтүлгөн кандидатурасынын шайлоодо жеңип чыгышы үчүн тарапкерлерди көбөйтүүгө аракеттенишип, өздөрүнө пайда издешкен. Ат. м-лер, Совет бийлиги орногондон кийин, эзүүчү таптар м-н бирге жок болду.

АТКАНА — жылкы багылуучу жай. Ал кургак жерге типтүү долбоор б-ча жылкы асыроонун шартына ыңгайлаштырылып курулат. Ага суу түтүгү киргизилип, желдеткич орнотулат. Асыл тукум жылкы А-да кулун, тай, айгыр, бөспө бээ багылат. Ал эми асыл тукум жылкы м-н күч унаа катары пайдаланылган аттар өзүнчө орунга байланат. А-нын жерден шыпка чейинки бийиктиги асыл тукум жылкы үчүн 3 *м*, күч унааныкы 2,4—2,7 *м*, терезеси 0,5—1,5 *м* болот. Анын керегелери негизинен бышкан кыштан, жыгачтан ж. б-дан тургузулуп, үстү тактай же шифер м-н жабылып, асты көбүнчө тактайланат же асфальтталат. А-нын жанында жем, чөп, ат жабдыгы, шайман сакталуучу жай ж-а манеж болууга тийиш.

АТКАРУУ ДОКУМЕНТТЕРИ — сот, арбитраж, закондо көрсөтүлгөн ж. б. органдардын актыларын мажбурлоо түрүндө аткаруу үчүн өтөл органдар тарабынан берилүүчү документтер. Сов. укук б-ча, А. д-не сот органдарынын аткаруу баракчалары, приказдары, нотариалдык органдардын аткаруу үчүн жазуулары, арбитраж органдарынын мамл. мекемелер, ишканалар, кооперативдик ж-а коомдук уюмдар аралыгындагы талаш-тартыштар б-ча арбитраждын ж-а третей сотторунун чечимдеринин негизинде берилген приказдары, профсоюз уюмдарынын эмгек талаштары б-ча комиссияларынын чечимдерин аткаруу үчүн берилүүчү күбөлүктөр, админ. органдардын штраф салуу ж-дегу токтомдору, жаңы жетпегендердин иштери б-ча комиссиялардын токтомдору ж. б. актылар кирет.

АТКАРУУ КОМИТЕТИ, к. *Борбордук Аткаруу Комитети.*

АТКАРУУЧУ МЕХАНИЗМ—мех. күймыл берүүнү аткаруучу элемент. Ат. м-ди аны башкаруучу элементтердин түрү, пайдаланылуучу энергиянын тегн б-ча болүүгө болот. Керектелүүчү энергиянын тегн б-ча Ат. м. гидравликалык, пневматикалык, электрдик ж. б. боюн болүнөт. Ат. м. күймылдаткычтан, күймыл өткөргүчтөн, кабар берүүчү, текшерүүчү ж-а ажыратуучу элементтерден турат. Электрдик кубаттуулугу 10—1000 *вт* ка жетет. Пневматикалык Ат. м. 6 *кг/см²*, гидравликалык 30 *кг/см²* ге чейинки басым м-н иштейт.

АТКЫ — алгыр куштардын үчүн тазалоочу көндөй түтүк. Ал жыгачтан же жоруунун жото жилигинен жасалат. Алгыр куш семирип кетсе, же салар алдында жем жеп койсо, анын ичи А. м-н тазаланат. Алгыр куштун оозун ачып туруп, ага А-ның жардамы м-н туздуу суу жиберилет. Бир аздан кийин алгыр куштун ичи өтүп, ичи тазаланат.

АТЛАНТ — 1) байыркы грек мифологиясында асманды желкесине көтөрүп турган титан — алп. Ал титандардын кудайларга каршы күрөшүнө катышканы үчүн Зевстин буйругу б-ча ушул жазага тартылган. 2) Имараттарды, порталдарды жасалгалоодо архит. дубалга же колоннага кошо тургузулган эркектин статуясы. А. балкондордун ж-а эркерлердин тиреөчтөрү катарында орнотулат. Мындай скульптуралык ыкма Байыркы Грецияда (б. з. ч. 5—4-к.) пайда болуп, 17—20-к-дын архитектурасында кеңири орун алган (Франция, Тулондогу ратушанын А. 1955—57-ж., скульптору — П. Пюже; Ленинграддагы Жацы Эрмитаждын портигинин А. 1844—49-ж., скульптору — А. И. Теребенев).



Атланттар портикада. Ленинграддагы мамлекеттик эрмитаждын имараты. Гранит 1844—49. Скульптор А. И. Теребенев.

АТЛАНТ — АКШдагы Джорджия штатынын админ. борбор шаары. Калкы 1390 миң (1970, шаар айланасы м-н), анын 20% негрлер. АКШнын түш.-чыгышындагы ири соода, финансы ж-а о. ж. борбору. Маанилүү трансп. тоомдорунун бири. Машина куруучу ж-а жыйноочу, электр тех. з-ддор, металл иштетүүчү, химия, тамак-аш ж-а жеңил ө. ж. өнүккөн. А. 19-к-дын 1-жарымында негизделген. 1861—65-ж. гражд. согушта кыйроого учуран, 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында кайтадан курулган.

АТЛАНТИКА БОСОГОСУ — Атлантика океанынын түбүнөн көтөрүлгөн жер. Ал Шетленд, Ферер, Исландия ж-а Гренландия а-дарынын ортосунда. Бул жерде океандын терең. 600 *м*. А. б. Түп. Муз океаны м-н Атлантика океандарынын терендикте суу алмашууларына тоскоолдук кылат. Түп. Атлантика туздуу ж-а жылуу агымдары А. б. аркылуу Норвегия деңизине отот. Дания кысыгынан Түп. Муз океанынын тузсуз муздак суусу Атлантика океанына келип турат.

АТЛАНТИКА БОЮ ОПДУҢУ АКШ.-нын чыгышында, Атлантика океанынын жээгинде, Нью-Йорктон Флорида ж. а-на чейин созулат. Батышынан Пидмонит платосу м-н чектешип, түштүгү Мексика бою ойдуң м-н туташат. Уз. 1300 *км* ге жакын, туурасы 30—350 *км*. Ойдуң чөкмө тоо тектеринен (ак таш теги, кумдук, кум, чопо) түзүлгөн. Климаты субтропиктик, океандык; Флориданын түштүгүндө тропиктик, түндүгүндө мелүүн. Түп. бөлүгүндө АКШнын ири шаарлары ж-а порттору: Нью-Йорк, Филадельфия, Балтимор, Вашингтон жайгашкан.

АТЛАНТИКА ОКЕАНЫ (лат. Mare Atlanticum, гр. Atlantis — Гибралтар кысыгы м-н Канар а-дарынын ортосундагы мейкиндик. Бүткүл океан Oceanus Occidentalis — Батыш океан деп аталган) — чоңдугу жагынан жер жүзүндөгү 2-океан (Тынч океандан кийинки). А. о. түндүгүнөн Гренландия м-н Исландия, чыгышынан Европа м-н Африка, батышынан Түн. ж-а Түш. Америка, түштүгүнөн Антарктида м-н чектешет. Океан түндүгүнөн Дейвис ж-а Дания кысыктары, Шетленд ж-а Исландия а-дары аркылуу Түн. Муз океаны м-н, түш.-чыгышынан Африка ж-а Антарктида аралыгында Инди океаны м-н, түш.-батышынан Дрейк кысыгы аркылуу Тынч океан м-н кошулат. А. о-нын аянты (деңиздери м-н) 91 140,8 миң *км²*, орт. терең. 3332 *м*, суунун орт. көлөмү 337 541 миң *км³* (деңиздери коштогондо, аянты 82 441,2 миң *км²*, орт. терең. 3926 *м*). Түндүктөн түштүккө чейинки аралыгы 15 миң *км*, эң кууш жери (экватор бөлүгү) 2830 *км*. А. о-нын деңиздеринин көпчүлүгү — ички деңиздер, алар кургактыктын таасирине ж-а океан м-н байланышына жараша жер ортосундагы (Балтика, Азов, Кара, Мрамор, Жер Ортолук) ж-а жартылай түюк (Эгей, Адрия, Кариб, Мексика ж-а Ыйык Лаврентий булундары, Түндүк) деңиздерге бөлүнөт. Тирреп м-н Уэддел четки деңиздерге кирет. Океандын ачык бөлүгүндө аралдар аз. Алардын бардыгы жанар тоолордон пайда болгон (Азор, Бермут, Ыйык Елена, Тристан-да-Кунья ж. б.). Материктен пайда болгон аралдардын көпчүлүгү (Улуу Британия, Ирландия, Ньюфаундленд, Чоң ж-а Кичи Антиль а-дары ж. б.) океандын жээк жагында жайгашкан. А. о-нын түбүндө Ортоңку Атлантика кырка тоосу меридиан багыты б-ча созулуп жатат. Ал океан түбүнөн 3400—4000 *м* бийиктикке көтөрүлөт. Анын батышында Лабрадор, Түн. Америка, Гвиана, Бразилия, Аргентина ж. б., чыгышында Бат. Европа, Түн. Африка, Гвинея, Ангола, Кап, Агульяс, түштүгүндө Африка-Антарктика котловинапары (терең. 3000—7300 *м*) бар. А. о-нын эң терең жери — Пуэрто-Рико көбүлү (8385 *м*) ж-а Түш. Сандвич көбүлү (8428 *м*).

А. о-нын түбүндөгү чөкмөлөрдүн калың. 800—1000 *м* ге жетет ж-а пайда болуусуна жараша бир нече типке бөлүнөт. Океандын чет жагында негизинен терриген чөкмөлөрү (гравийгалька, кум, ылай), Ортоңку Атлантика кырка тоосу ж-а суу астындагы дөбөлөрдүн капталдарында карбонаттуу, кремнийлүү биоген чөкмөлөрү, терең ойдундарда кызыл түстүү чопо, жанар тоолуу аймактарда алардын бүркүндүлөрүнөн пайда болгон тоо тектер жатат. А. о-нын түн. ж-а түш. бөлүктөрүндө калкып жүргөн муздар, айсбергдер м-н таралган талкаланды кесек чөкмө тектер жолугат. Алгачкы тоо тектер чөкмө катмарлар түрүндө материктердин суу астындагы капталдарында, базальт түрүндө жанар тоолор м-н аралдарда, ал эми Ортоңку Атлантика кырка тоосунда базальттар, негиздүү (габбро), ультра негиздүү (дунит, перидотит) интрузиялар ж-а алардын метаморфизмделген түрлөрү кездешет. Ички ойдундардын таманында океан тибиндеги жер кыртышы бар.

Океан меридиан багытында созулуп жаткандыктан, климаты ар түрдүү. А. о. бардык климаттык алкакта жайгашкан, түндүгүндө субарктика, борб. бөлүгүндө экватор, түштүгүндө антарктика климаты. А. о-нын үстүндө 4 атмосф. массасы — Исландия ж-а антарктикалык минимум м-н түн. атлантикалык ж-а түш. атлантикалык максимум өкүм сүрөт. Аларды экваторго жакын жердеги атмосферанын төмөнкү басымдуу зонасы бөлүп турат. Аталган 4 атмосферанын борб. басымы, материк четиндеги аба агымдары м-н биргелешип, мелүүн алкактарда, о. эле Түш. ж-а Түш. жарым шарында түн.-чыг. ж-а түш.-чыг. шамалдар (пассаттар) үстөмдүк кылууга шарт түзөт. Өтө катуу шамалдар мелүүн алкактарда, айрыкча океандын түштүгүндө согот. Абанын темп-расы кышкысын, февралда (августта А. о-нын түш. бөлүгүндө) экватордо 25°С, 60° түн. кеңдикте 0°С, 60° түш. кеңдикте —8, —10°С; жайкысын, августа (февралда А. о-нын түш. бөлүгүндө) экватордо 26—28°С, 60° түн. кеңдикте 8—12°С ж-а (60° түш. кеңдикте) 0—2°С. Жылдык жаан-чачындын орт. өлчөмү экватордо 2000 *мм* ден ашык, мелүүн алкактарда 1000—1500 *мм*, субтропиктик алкак м-н Антарктикада 250—500 *мм*, ал эми Африканын чөлдүү жээктеринде 100 *мм* ге чейин азаят. Океандын түштүгүндө 100 *мм* ден да аз.

А. о-нын үстүнкү агымы атмосферанын циркуляциясынын таасиринен тропик ж-а субтропик кеңдиктеринде антициклондуу ж-а түштүгү мелүүн, түш. жогорку кеңдикте циклондуу айланууларды пайда кылат. А. о-на анын түш. бөлүгүндө пайда болгон зор жылуу *Гольфстрим* агымы мүнөздүү. Гольфстрим ж-а анын уландысы болгон Түн. атлантикалык агым бат. ж-а түн. антициклондук айланууларды пайда кылат. Чыг. чек араларындагы антициклондук бул айлануулар муздак Канар ж-а түштүгүнөн жылуу Түн. Пассат агымынан пайда болгон. Океан суусунун үстүнкү катмарында темп-ра кышында экваторду 27—28°С, 60° түн. кеңдикте 6°С, 60° түш. кеңдикте — 1°С; жайында экваторду 26°С, 60° түн. кеңдикте 10°С, 60° түш. кеңдикте 0°С. Суунун туздуулугу жаанчачындын, агын суулардын ж-а буулануунун өлчөмүнө жараша болот. Туздуулук экваторду 35‰, тропик, субтропик алкактарында 37,25‰, түш. мелүүн алкакта 34‰, ал эми Антарктикага жакын жерлерде 33,6‰ түзөт.

Океандын өсүмдүктөр дүйнөсү ар түрдүү, 100 *м* терендикке чейинки жээк зоналарындагы океан түбүндөгү өсүмдүктөргө (фитобентос): күрөң, жашыл, кызыл балырлар ж-а тоздуу сууда өсүүчү кээ бир гүлдүү өсүмдүктөр кирет. Бул өсүмдүктөрдүн таралышы жаратылыш алкактарынын өзгөрүлүшүнө мүнөздүү. Фитопланктондун фитобентостон айырмасы океандын ички бөлүгүнүн 100 *м* ден жог. катмарларында өнүгүп, бир клеткалуу майда балырлардан турат. Жаныбарлардын түрлөрү тропик зоналарына жакындаган сайын көбөйө берет. Суук ж-а мелүүн алкактарда сүт эмүүчүлөрдөн кит ж-а жалпак буттуулар, балыктардан: сельдь, треска, окунь, камбала ж-а рак сыяктуулар басымдуулук кылат. Тропик алкагы үчүн кашалот, деңиз таш бакалары, рак, акулалар, учуучу балыктар, краб, коралл полиптери, медузалар ж. б. мүнөздүү.

А. о-нын алабында дүйнөдөгү ири порт шаарлар жайгашкан: Бат. Европада — Роттердам, Марсель, Антверпен, Лондон, Гамбург, Триест, Венеция, Амстердам, Неаполь, Лиссабон, Копенгаген ж. б.; Түн. Америкада — Нью-Йорк, Балтимор, Хьюстон, Монреаль, Бостон, Жаңы Орлеан; Түш. Америкада — Рио-де-Жанейро, Буэнос-Айрес; Африкада — Дакар, Абиджан, Кейптаун; СССРде — Ленинград, Рига, Одесса ж. б. А. о. м-н деңиздер жээгинде дүйнө калкының $^2/_5$ бөлүгү жашайт, дүйнөнүн ө. ж. товарларынын $^4/_5$ чыгарылат; А. о-нан деңиз жолу аркылуу ташылуучу жүктөрдүн $^2/_3$ отот, анын деңиздерине кармалуучу балыктардын $^2/_3$ түура келет. 1965-ж. А. о. аркылуу 1 млрд. т жүк ташылган, жүргүнчүлөрдү ташуу жылына 1 млн. адамга жеткен. Байланыштыруу максатында суу алды м-н океан аркылуу уз. 200 миң *км* трансатлантикалык кабелдер откорулгон.

Ад.: Зенкевич Л. А., Фауна и биологическая продуктивность морей, т. 2, М., 1947; Харитонов Д. Г., Гидрометеорологическая характеристика северной части Атлантического океана, М.—Л., 1948; Хейвен Б., Тарп М., Юнг М., Дно Атлантического океана, пер. с англ., ч. 1, М., 1962; Деменицкая Р. М., Кора и мантия Земли, М., 1967.

АТЛАНТИКА ОКЕАНЫНДАГЫ ЭКВАТОРДУК КАРШЫ АГЫМ, Пассат аралык каршы агым — Атлантика океанынын экваторго жакын жаткан түн. кеңдиктериндеги мезгилдүү агым. Бул агым 50° бат. узундукта пайда болот да, жайкысын күчөп, Түн. ж-а Түш. Пассат агымдарынын ортосу м-н океанды батыштан чыгышты карай кесип өтөт. Ал Африкага жеткенде, Гвинея агымына кошулат. Агымдын ылдамд. 3 *км/с*.

АТЛАНТИКА ХАРТИЯСЫ — АКШ м-н Британиянын өкмөт башчыларының 1941-ж. 14-августа Атлантика океанында аскер кемелеринде жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөрүнөн кийин кол коюлган декларация. Анда сүйлөшкөн эки мамлекеттин согуштагы максаты ж-а согуштан кийин тынчтыкты сактоо ж-дегу пикири жалпы жонунан баяндалган. А. х-да: эки мамлекет «башка өлкөлөрдүн территориясын басып алууга умтулбайт», «бардык элдердин өздөрү каалаган башкаруу формасын тандап алууга укуктуулугу урматталат»,— деп айтылган. 1941-ж. 24-сентябрда Сов. Союзу А. х-на кошулуусун маалымдаган, бирок бул декларацияны колдонуу белгилүү бир өлкөдөгү «жагдайларга, варылчылыкка жана тарыхый өзгөчөлүктөргө ылайык келиши керек»,— деп билдирген. 2-дүйн. согуш мезгилинде ж-а андан кийин АКШ м-н Улуу Британия өздөрү А. х-ның принциптерин бузуу жолуна отүштү.

АТЛАНТРОП (*Атлас* — Африкадагы тоолуу өлкө ж-а гр. ánthropos — адам)—1954—55-ж. Алжирден (3 адамдын астыңкы жаактары м-н баш соокторунун тобосу) табылган адам сөөгүнүн аталышы. Жаак сөөгү өтө чоң, ээк сөөгү жок, тиштери чоң, тобо сөөгү калың. А. сооктору м-н коштошелль-ашель тибиндеги таш куралдар табылган. Апат. түзүлүшү жагынан А. эң байыркы адамдарга — архантропторго окшош, *питекантроптордун* Түн. Африкадагы түрүнүн өкүлү катарында эсептелет. А. болжол м-н мындан 360 миң жыл мурда жашаган.

АТЛАС (гр. Atlas) — Африканын түн.-батышындагы тоо тизмеги. Атлантика океанынан батыштан чыгышка карай Жер Ортолук деңизинин жээктеп, Марокко, Алжир, Тунис аркылуу 2000 *км* ге созулат. Жарыш жаткан бир нече кырка тоодон (Тель-А., Бийик-А., Орто-А., Сахара-А. ж. б.) ж-а тоо аралык түздүктөр м-н (800—1200 *м* бийиктиктеги) бөлүнгөн массивдерден турат. Кырка тоолордун орт. бийикт. 2000—2500 *м* (эң бийик жери — Тубкаль тоосу, 4165 *м*). А. негизинен палеоген-неоген мезгилдеринин аяк ченинде пайда болгон. Жер титирөө болуп турат. А. көбүнчө аки таш тек-

терипен, ер түрдүү чополордон түзүлгөн, айрым жерлеринен байыркы жанар тоо тектери учурайт. Темир, коргошун, полиметалл, кобальт, молибден рудалары, таш туз ж-а дүйнө жүзүндөгү эң ири фосфорит кени бар. Түндүгүнүн климаты жер ортолук деңиздик ж-а субтропиктик, калган райондорунуку жарым чөлдүү. Жайы кургак ж-а ысык. Түш. капталдары дайыма көгөрүп туруучу эмен, кедр ж. б. токойлор м-н капталган. Тоо арасындагы платолордо эрмен, шыбак өсөт.

АТЛАС — 1) карталардын өзүнчө том болуп чыгышы же бир папкага бириктирилген барактардын системалуу жыйнагы (к. *Географиялык атлас);* 2) атайын альбомдордун наамы, мис., Анатомиялык атлас, Машина куруу б-ча чиймелердин атласы ж. б.

АТЛАХ — о. кылымдагы шаар урандысы; жазма даректерге караганда Талас өрөөнүндө (Кыргыз ССРи) 6—12-к-дагы Тараз (азыркы Жамбыл) ш-на жакын жерге орношкон. Тарыхчы аль-Мукаддаси ж-а аль-Истахринин маалыматтарына караганда, А-тын борборунда чоң мечит, четинде базары болгон, сыртын бийик дубал курчап турган; шаарда жемиш багы, чет жакаларында жүзүм өстүрүлгөн. А. Н. *Бернштамдын* пикири б-ча, археол. жагынан А. *Жоон-Төбөнүн* жанындагы шаар урандысына дал келет. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес.

Ад.: Бартольд В. В., Собр. соч., т. 4, М., 1966; Беленицкий А. М., Бентович И. Б., Большаков О. Г., Средневековый город Средней Азии, Л., 1973.

АТМОСФЕРА — физ., химия ж-а тех. илимдеринин түрдүү бөлүмдөрүндө колдонулуучу басымды өлчөө бирдиги. Нормалдык шартта ($g = 9{,}80665$ *м/сек²*, $t = 0°C$) тыгызд. 13 595,1 *кг/м³* ж-а бийикт. 760 *мм сым. мамычасын* тең салмактай алган абанын басымы физ. же нормалдык атмосфера деп аталат. Деңиз деңгээлинде стандарттык А. басымы 1 *атм* га барабар. 1 *кг* күч аянты 1 *см²* горизонттук тегиз бетке бир калыпта бөлүштүрүлгөн басым тех. А. деп аталып, ал СИ системасында *н/м²* м-н ченелет.

АТМОСФЕРА (гр. atmós — буу, sphaíra — шар) — Жер шарын курчап турган аба кабыгы; Жерди курчап ж-а аны м-н бир бүтүн катары кошо айланып туруучу газ чөйрөсү жайгашкан аймак. А-нын массасы $5{,}15 \cdot 10^{15}$ *т* га жакын. Жер планета катары жаралгандан кийин, анын каткан кыртышынан (литосферадан) бөлүнүп чыккан газдардан А. пайда болушу мүмкүн. Кийин түрдүү факторлордун таасиринен өзгөрүүлөргө учураган. Темп-ранын бийиктик б-ча таралыш өзгөчөлүктөрүнө жараша А. төмөндөгүдөй 5 негизги катмарга бөлүнөт (к. сүрөт): *тропосфера* (8—18 *км* ге чейин), *стратосфера* (18—40 *км* ге чейин), *мезосфера* (40—50 *км* ден 80—85 *км* ге чейин), *термосфера* же *ионосфера* (80—85 *км* ден 500—800 *км* ге чейин) ж-а экзосфера (800 *км* ден жогору). Алардын чегиндеги анча калың эмес кабатчалар тропопауза, стратопауза, мезопауза ж-а термопауза деп аталат. А-нын түзүлүшүн мүнөздөөчү элементтердин бардыгы (темп-ра, басым, тыгыздык) мейкиндик ж-а мезгилге байланыштуу дайыма өзгөрүп турат. А-нын төмөнкү кабатында (тропосферада) улам бийиктеген сайын абанын темп-расы төмөндөп (орто эсеп м-н ар бир *км* ге 6°), анын бийик чегинде 190—220К болот. Стратосфера м-н термосферада болсо, тескерисинче, бийиктеген сайын темп-ра жогорулап, 1000К ге (термосферада) жетет. А. негизинен азот м-н кычкылтектен турат да, анын составында аргон, көмүр кычкыл газ, неон ж. б. бар. О. эле А-да дайыма суу буусу, чаң, суу тамчылары, муз кристаллдары болот. Кургак абанын составы (көлөмү б-ча): 78,084% азот, 20,9476% кычкылтек, 0,934% аргон ж-а 0,04% башка газдар түзөт. А-нын эң негизги бөлүгү — суу буусу. Жерге чектеш катмардагы анын өлчөмү ар түрдүү: тропиктердеги абада 3% болсо, Антарктидада $2 \cdot 10^{-5}$%. А-дагы суу буусунун көпчүлүк массасы тропосферада топтолгон. Абанын тыгыздыгы жерден бийиктеген сайын азайгандыктан, А-нын массасынын таралышы да ар түрдүү. Анын 80%ке жакыны тропосферада топтолсо, термосферада араң гана 0,05%. Өтө бийиктиктеги аба Жердегиден өзгөчөлөнүп турат. Мында газдардын диссоциацияланышынан А-дагы молекулалар атомго ажырап, бош атомдор ж-а жаңы татаал молекулалар пайда болгондуктан, иондошуу процесстери күчөйт. А-нын жог. катмарында бийиктеген сайын оор салмактуу газдар азайып, жеңили көбөйөт. А-да болуучу физ. процесстердин энергиясынын негизги булагы — күндүн радиациясы. А. кыска толкундуу күн радиациясын начар сиңирет, бирок жер бетинен чыккан узун толкундуу жылуу агымдарды жогору өткөзбөйт, ошондуктан жылуулуктун космоско өтүшү азайып, Жердин темп-расы жогорулайт. Аба массалары тынымсыз кыймылда болгондуктан, А-нын бардык катмарларында шамал болуп турат. Ал көп факторлорго байланыштуу, эң негизгиси — Жер шарынын ар түрдүү аймагында А-нын бирдей жылыбагандыгы. Буга күн нурунун ар түрдүү кубат м-н таралышы себеп болот. А-нын текши жылыбагандыгы абанын чоң масштабдагы агымдарынын күчөшүнө алып келет (к. *Атмосферанын циркуляциясы).* А-да болуучу оптикалык, акустикалык, электрдик, метеорол. ж. б. кубулуштар ж-дө к. *Атмосфера оптикасы, Атмосфералык электр, Метеорологиялык элементтер* ж. б. Жер ж-а андагы тиричилик үчүн А-нын мааниси зор. А. жаан-чачындарынан пайда болгон суу жер кыртышынын түзүлүшүн өзгөртүүдө негизги ролду ойнойт. Тоо тектердин талкаланышына, темп-ранын өзгөрүп турушуна д. у. с-га А-лык факторлор себеп болот. А. Жер кыртышын асмандан түшүүчү метеориттерден сактайт. Метеориттердин көпчүлүгү А-нын тыгыз катмарына жетери м-н эле күйүп кетет. Тирүү организмдердин жашоо тиричилиги А-нын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизүү м-н бирге алар өз иретинде А-лык шарттарга көз каранды. Мис., тирүү организмдерге чоң зыян келтирүүчү күндүн ультра кызгылт көк нурлары жерге жетпестен А. катмарларына сиңет. А-дагы кычкылтек жан-жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн дем алуусун камсыз кылат, андагы көмүр кычкыл газы өсүмдүктөрдүн азыктануусуна керек. Климаттык факторлор, айрыкча темп-ралык режим м-н нымдуулук адамдын тиричилигине ж-а ден соолугуна өтө чоң таасир тийгизет. Климаттын мааниси өзгөчө а. ч-сы үчүн чоң. А-ны изилдөө байыркы замандан бери жүргүзүлгөнү м-н аны изилдөөчү илим — *метеорология* 19-к-да гана пайда болгон. Метеорологиянын тармактарына А. физикасы, А. химиясы, климатология, синоптикалык ж-а динамикалык метеорология ж. б. кирет. Табияттагы биол. процесстерге А-лык факторлордун тийгизүүчү таасирин биометеорология м-н а. ч. метеорологиясы изилдейт. А-да болуучу кубулуштарды байкоо үчүн жер шарынын ар түрдүү аймактарында метеорол. станциялар, посттор коюлган. Жерден метеорол. байкоолорду жүргүзүүдө радиолокация чоң роль ойнойт. Метеорол. изилдөөлөрдө *радиозонддордун* жардамы м-н А-нын басымын, шамалдын ылдамдыгы м-н багытын, темп-раны, абанын нымдуулугун ченөө максатында А-ны тик зонддоонун мааниси чоң. А-ны изилдөөдө самолёттор, автоматтык аэростаттар, метеорол. спутниктер, ракеталар пайдаланылат.



Атмосферанын түзүлүш схемасы. *1* — деңиз деңгээли; *2* — Жердин эң бийик чокусу — Чомолунгма (Эверест) тоосу, 8848 *м*; *3* — ачык күндөгү түрмөк булуттар; *4* — калың түрмөк булуттар; *5* — нөшөр төгүүчү (чагылгандуу) булуттар; *6* — катар-жаандуу булуттар; *7* — тарам-тарам болгон булуттар; *8* — самолёт; *9* — озондун көп топтолгон катмары; *10* — седептин өңүндөй (перламутр) булуттар; *11* — стратостат; *12* — радиозонд; *13* — метеорлор; *14* — күмүш түстүү булуттар; *15* — уюлдук жаркыроо; *16* — америкалык самолёт-ракетасы (Х-*15*); *17, 18, 19* — иондошкон катмарлардан чагылып кайра жерге келген радио толкундар; *20* — жылуу катмардан чагылып кайра жерге келген үн толкуну; *21* — Жердин советтик биринчи жасалма спутниги; *22* — континент аралык баллистикалык ракета; *23* — геофизикалык изилдөө ракеталары; *24* — метеорологиялык спутниктер; *25* — «Союз-4» жана «Союз-5» космостук корабльдери; *26* — атмосферанын сыртына чыгып кеткен космостук ракеталар, ошондой эле топтошкон катмарга сиңип жана атмосферадан ары кеткен радио толкун; *27, 28* — Н жана Не атомдорунун диссипациясы (жылт коюп жок болуусу); *29* — күн протондорунун (Р) траекториясы; *30* — ультрафиолет нурларынын (толкундун узундугу λ > 2000 Å жана λ < 900 Å) өтүп кирүүсү.

Ад.: Метеорология и гидрология за 50 лет Советской власти, под. ред. Е. К. Федорова, Л., 1967; Хргиан А. Х., Физика атмосферы, 3 изд., Л., 1969; Заварина М. В., Атмосфера, Л., 1956.

АТМОСФЕРА БАСЫМЫ — атмосферадагы абанын жер бетине ж-а андагы бардык нерсеге болгон гидростатикалык басымы. А. б. — атмосферанын абалын мүнөздөөчү негизги чоңдук, атмосферанын ар бир чекитиндеги басым анын жогору жагындагы абанын салмагы м-н аныкталат. Бир литр абанын салм. 1,2928 *г*, ал 1 *см²* аянтка 1033 *г* басым жасайт. А. б. *барометр* же гипсотермометр м-н өлчөнөт. Ал миллибар *(мбар)*, ньютондун чарчы метрге болгон катышы (*н/м²*) же 0°С ге келтирилген барометрдеги сымап мамычасынын бийикт. (760 *мм*) ж-а оордук күчүнүн ылдамдануусунун нормалдык (деңиз деңг. ж-а 45° кеңдик б-ча) чоңдугу м-н туюнтулат. Кабыл алынган нормалдуу А. б. 760 *мм сым. мам.* = 1013,25 *мбар* = 101325 *н/м²*. Бийиктик жогорулаган сайын А. б. азая берет; 5 *км* бийиктикте А. б. жер бетиндегиден эки эсеге аз. Ал жер бетинде ар кайсы жерлерге ж-а убакытка жараша өзгөрүп турат. Бирок түрдүү өзгөрүүлөргө (циклон ж. б.) карабастан, жер бетиндеги жылдык орт. А. б. бир калыпта болот. Деңиз деңгээлиндеги бийиктикте байкалган эң төмөнкү басым 584 *мм*, эң жог. 808,7 *мм*.

АТМОСФЕРА ОЗОНУ — абадагы кычкылтектин өзгөрүшүнөн пайда болуп, атмосферанын составына кирүүчү газ (к. *Озон).* Жерге чектеш атмосферада озон аз болот да, 20—35 *км* ден 70 *км* ге чейинки бийиктикте көбөйүп, өзүнчө озоносфера катмарын түзөт. А. о. Күн радиациясынын 4%ын сиңирип турат. Ал ультра кызгылт көк нурларды ж-а жерден көтөрүлгөн жылуулукту өткөрбөйт. Ошондуктан атмосф. процесстер ж-а Жер бетиндеги тиричилик үчүн анын мааниси чоң.

АТМОСФЕРА ОПТИКАСЫ — жарык нурларынын абада чачырашынан, сиңирилишинен, сынышынан, чачылышынан ж-а дифракциясынан пайда болгон оптикалык кубулуштарды изилдөөчү *атмосфера физикасынын* бир бөлүгү. Адамдын көрүү сезими аркылуу кабыл алынуучу абадагы көрүнүш атмосферадагы оптикалык кубулуштар деп аталат. Аларга асмандын жарык болушу ж-а анын шоолалары, таңдын атышы, күүгүмдүн кириши, жылдыздардын жымыңдашы, *мираж, мунарык, гало, көк желе,* уюлдук жаркыроо ж. б. кирет. Атмосферадагы нур энергиясынын негизги булагы — Күн (к. *Актинометрия).* Жарык нурлары жеке гана күндөн келбестен, ал жылдыздардан, жер бетинен, атмосферанын жог. кабаттарынан бөлүнүп чыгат (мис.: түнкү асман жарыгы, уюлдук жаркыроо ж. б.). Бул кубулуштарды *аэрономия* изилдейт. Абада ар дайым аэрозоль күкүмчөлөрү (чаң, суу тамчылары, муз кристаллдары ж. б.) болот. Мындай ко-

шундулар асмандын тунуктугун начарлантат. Сиңген нур атмосферанын жылуулук режимине таасир тийгизет. Абадагы суу тамчыларынын өлчөмү темп-ра м-н нымдуулукка жараша болгондуктан, асмандын өңү да аларга байланыштуу. Күндүн нуру жерге же океандын бетине түшкөндө, бир бөлүгү сиңип, калганы чагылат. Кыртыштын темп-расы сиңген нурдан пайда болот. Жер бетинен чагылган нур кайра атмосферага өтүп, аба ырайына таасир тийгизгендиктен, климат өзгөрүп турат. Жарыктын жаан тамчыларынан чагылышы, сынышы ж-а дифракциясы көк желе түрүндө көрүнөт.

АТМОСФЕРА СУУ БУУСУНУН КОНДЕНСАЦИЯСЫ — абадагы суу бууларынын суюктукка (тамчыга) айланышы. Ал суу буусуна каныккан абанын муздак заттарга тийишинен пайда болот. Таштарда, дубалдарда, бак-дарактарда же аба конденсациясынын ядролорунда көп байкалат. А. с. б. к. буунун серпилгичтигине, темп-расына, электр зарядына, тамчынын өлчөмү м-н хим. составына байланыштуу. Атмосферада конденсация ядролору буга айланган туздардан, метеориттердин күйүшүнөн, токойлордун өрттөнүшүнөн, түтүндөрдөн, космостук чаңдардан, бактериялардан ж. б-дан пайда болот. Конденсациянын негизинде атмосферада булуттар, тумандар, жаан-чачындар, жер бетинде *шүүдүрүм, бубак, кыроо* ж. б. келип чыгат.

АТМОСФЕРА ТЕМПЕРАТУРАСЫНЫН ИНВЕРСИЯСЫ — жер бетинен бийиктеген сайын атмосферадагы аба темп-расынын жогорулашы. Инверсия көбүнчө атмосферанын бир катмарынан экинчисине өткөндөгү чек арада байкалат. Анын калыңд. 10—1000 *м* ге жетет. Инверсия катмарында темп-ранын көтөрүлүшү 15—20°С-ге жетип, кээде андан да ашат. Абанын түн ичинде муздашынан улам радиациялык инверсия келип чыгат. Атмосферанын жогорку катмарында аба массасынын которулушунан кысылган инверсия байкалат.

АТМОСФЕРА ФИЗИКАСЫ — атмосферада болуучу физ. кубулуштар м-н процесстерди изилдөөчү илим. Ал атмосферада жылуулуктун таралышын, абанын жылышын же муздашын, агымын, буулануу ж-а конденсациялануу процесстерин, жаан-чачындын пайда болушун, атмосферадагы оптикалык, электрдик, акустикалык ж. б. кубулуштардын себептерин, алардын өз ара байланыштарын физ. же аналит. жолдор м-н аныктайт. А. ф. метеорологиянын көп тармактары м-н тыгыз байланышкан, к. *Метеорология*.

Ад.: Хргиан А. Х., Физика атмосферы, Л., 1969.

АТМОСФЕРА ФРОНТТОРУ — атмосферадагы физ. касиеттери түрдүүчө аба массаларын бөлүп турган тилкелер. Алардын туурасы 20—60 *км*, уз. 4—5 миң *км* ге жетет. Мында муздак агымдын жылуу агымга кошулган жеринде аба ырайы (темп-расы, шамал ж-а анын багыты, абанын нымдуулугу) өзгөрө баштайт да, ал жерде аба массаларынын кыймылы жүрөт. Тыгызыраак келген муздак аба жер бетине жантыгынан (шынаа сыяктуу) жайгашып, жылуу аба анын үстүндө жатат. А. ф. дайыма муздак аба жагына кыйшайган абалда болот. Анын бурчу өтө кичине, орто эсеп м-н 1 : 100гө барабар. А. ф-да басымдан башка метеорол. элементтер горизонталь б-ча чукул өзгөрүлөт. А. ф-нун суткалык ылдамд. 1000—1500 *км* чейин жетиши мүмкүн. А. ф. жылган багытына жараша муздак (катафронт) ж-а жылуу (анафронт) болуп бөлүнөт. Мындай фронттордун кошулушунан пайда болгон татаал фронт — окклюзия, ал эми негизги геогр. типтеги аба массаларын бөлүп турган фронттор башкы фронттор деп аталат. Аларга арктика, поляр, тропик фронттору кирет. Атмосферадагы калың кара булуттар, жаан-чачын, катуу шамал, чагылгандуу жаан ж. б. кубулуштар көбүнчө А. ф-на байланыштуу.

АТМОСФЕРА ЦИРКУЛЯЦИЯСЫ — атмосферадагы аба массаларынын алмашуусун пайда кылуучу негизги агымдардын которулуп жылып жүрүшү. А. ц. жерге күн радиациясынын түрдүү кубатта келишине, жердин өз огуна айланышына, жер бетинин бир өңчөй болбогондугуна ж. б-га байланыштуу. А. ц. жалпы (пассат, муссон, циклон ж-а антициклон системасындагы агымдар) ж-а жергиликтүү (керимсел, желаргы ж. б.) болуп экиге бөлүнөт. Атмосферанын жалпы циркуляция процесси өтө татаал ж-а тынымсыз өзгөрүп турат, бирок анын жылдык мүнөзү сакталып, жер бетиндеги ири аймактарга мүнөздүү климаттык өзгөчөлүктөрдү түзөт. Атмосферанын жерг. циркуляциясы өз алдынча турган айрым аймактарда гана жүрүп, алардын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот, мис., Кырг-ндагы *сан-таш, улан, керимсел* ж-а өрөөндөр м-н капчыгайларда болуучу шамалдар.

АТМОСФЕРАДАГЫ АБАНЫ САНИТАРДЫК КОРГОО — калк жашаган жерлердеги абанын булганыш себептерин ачууга, анын организмге тийгизген терс таасиринин калдыктарын жоюуга, санитардык норматив түзүүгө багытталган чаралар. Составында кремний кычкылы (SiO_2) бар чаң өпкө ткандарын катыра турган өзгөрүүлөрдү пайда кылат. Уулуу газдар организмди уулантырат, 3, 4 бензпирен өпкөдө зыяндуу шишиктин пайда болушуна көмөк берет. Атмосф. абанын такай чаңдап турушу ошол абанын тунуктугун төмөндөткөндүктөн, организм үчүн өтө пайдалуу ультра кызгылт көк нурлардын жерге түшүшү азаят. А. а. с. к. чаралары: ө. ж. ишканаларын курууда жердин ж-а жерг. климаттын шарттарын эске алып, туура жайгаштыруу, калк жашаган зонаны туура пландаштырып жашылдандыруу, ө. ж-ларды автоматташтырууда өндүрүштүк процесс учурунда бөлүнүп чыгуучу айрым зыяндуу заттар башка жакка тарабагандай кылып, ал заттарды тазалоочу жабдыктар орнотуу ж. б.

АТМОСФЕРАДАГЫ ЖАНА ГИДРОСФЕРАДАГЫ ТУРБУЛЕНТТҮҮЛҮК — аба ж-а суу агымдарындагы айрым бөлүктөрдүн кыймылынын иретсиздиги. Атмосферадагы абанын ж-а океан м-н деңиздеги суунун агымдарында, алардын кээ бир бөлүктөрүнүн алмашуусу закон ченемдүү кыймылда эмес, иретсиз татаал траектория б-ча жүргөндүктөн, кыймылдагы катмарлардын интенсивдүү буркандаган аралашуусун пайда кылат (к. *Турбуленттүүлүк*). Үндүн абада таралбай калышы, жылдыздардын жымыңдашы, учуп бара жаткан самолёттун ылдый түшүп кетүүсү турбуленттүүлүк м-н түшүндүрүлөт. Турбуленттүүлүктү изилдөө айрыкча шаарларды куруу пландарын иштеп чыгууда (шаардын үстүндө түтүндүн же чаңдын аз турушу, түтөтүүлөрдүн жардамы м-н өсүмдүктөрдү үшүктөн сактап калуу ж. б. маселелерди чечүүдө) чоң роль ойнойт.

АТМОСФЕРАДАГЫ ЖЫЛУУЛУК АЛМАШУУ — атмосферада жылуулуктун тик ж-а горизонталь багыт б-ча алмашуу процесси. Мында абанын жылуу катмарларынан чыккан агым, анын муздак катмарларына карай жылып, абанын кошулуусунан темп-ра өзгөрүлөт. Бул катмарлардын темп-ралык айырмасы канчалык чоң болсо, А. ж. а. ошончолук тез жүрөт. Күндүн радиациясы, космостон келген ж-а жерден чыккан жылуулуктар — атмосферадагы жылуулуктун негизги булагы. А. ж. а. негизинен турбуленттүүлүктүн жардамы м-н атмосферанын жерге чектеш катмарына жылуулуктун өтүшү, күндүн радиациясынын таралышы, суунун буута айланышы ж-а атмосферадагы суу буусунун конденсацияланышы м-н сублимацияланышынан бөлүнүп чыккан жылуулуктун натыйжасында болот.

АТМОСФЕРАДАГЫ ИОНДОР — атмосферадагы электр м-н заряддалган бөлүкчөлөр. Алар Күндүн ультра кызгылт көк корпускулярдуу ж-а радиоактивдүү космостук нурлардын таасиринен пайда болот. Мында газ молекуласына ионизатордун энергиясы таасирин тийгизип, анын атомдорундагы сырткы электрондун бирин бөлүп ажыратат. Натыйжада бош электрон м-н оң заряддалган молекула келип чыгат. Бош электрон нейтралдуу молекулалар м-н тез биригип, терс иондорго айланат. Бирок мындай мономолекулалуу иондор узакка жашай албайт. Ага газдын нейтралдуу молекулалары кошулат да, туруктуу молекулага өтөт. Аны «жеңил» ион дейбиз. Жеңил иондор кыймылда болуп, атмосферада кездешүүчү суюк же катуу бүртүкчөлөргө жабышып, оор ионго өтүп кетет. А. и-дун пайда болушу жерг. ж-а метеорол. шартка байланыштуу. Аба нымдуу болсо, оор иондор көбөйүп, жеңилдери азаят. Өтө жогору бийиктикте жеңил иондор басымдуулук кылып, электр заряддарынын пайда болушуна көмөк берет. Жер бетиндеги 1 $см^3$ таза абада 500—1000 жеңил ион болот; алардын оң заряддалганы терс заряддалганынан 10—20% көп. Шаарлардын үстүндөгү 1 $см^3$ абада оор иондор 100 000гө чейин көбөйүшү, ал эми жеңил иондор 10го азайышы мүмкүн. Иондордун топтолушу түрдүү геогр. пункттарда түрдүүчө, ал тургай сутканын ж-а жылдын ичинде өзгөрүп турат. А. и. айрыкча шаркыратма, фонтан д. у. с-дын айланасында көп пайда болот. Оор иондордон атмосферада көлөмдүү заряддар пайда болот. Булуттардагы заряддардын, нөшөрлөгөн жамгырдын болушу оор иондордун таасирине байланыштуу. Иондордун өтө көп санда топтолушу биол. процесстерге да таасирин тийгизет. Эгер атмосферада терс заряддалган иондор көбөйсө, адамдын сергектиги (ишкердиги) артат, ал эми оң заряддалган иондордун таасиринен талыкшуу, баш оору ж. б. пайда болот. Элдүү жерлерде заряддуу иондор атайын ион эсептегичтер м-н текшерилип турат.

АТМОСФЕРАДАГЫ КОНВЕКЦИЯ — аба көлөмүнүн бийиктик б-ча өйдө-төмөн алмашуусу. Ал атмосферадагы темп-ранын айырмасына байланыштуу болуп, жылуу абанын тыгыздыгы айлана-чөйрөсүнө караганда төмөн болгондуктан, ал жогору карай, муздак абаныкы жогору болгондуктан, төмөн карай умтулуу закону м-н түшүндүрүлөт. Абанын алмашуусу көбүнчө тропосферанын төмөнкү ж-а жог. катмарларынын ортосунда пайда болот. А. к. жүрүп турган кезде, аба агымынын жер бетинен көтөрүлүүсү байкалат. Андагы абанын көтөрүлүү ылдамд. 20 *м/сек*, кээде андан да жогору. Мындай жерлерде чагылгандуу булуттар пайда болуп, нөшөрлүү жамгырлар жаайт.

АТМОСФЕРАДАГЫ ТОЛКУНДАР — аба агымдарынын тез өркөчтөнүп таралуу процесси. Мүнөзү ж-а пайда болушуна жараша А. т. түрдүүчө болот. Аба массаларынын ылдамдыктарынын айырмасы канчалык чоң, ал эми тыгыздыктарыныкы канчалык кичине болсо, А. т-дын амплитудасы м-н узундугу ошончолук чоң. А. т-дын узундугу кээде бир канча *км* ге, амплитудасы жүздөгөн *м* ге жетет. Эки катмар бири бирине карама-каршы келген жарыш кыймылда болсо, өтө узундуктагы туура толкундар пайда болуп, алардын кыры кыймылдын багытына тик жайгашат. Эгерде ылдамдыктары аз айырмаланган эки катмардын кыймылы түрдүү багытта болсо, анда өз ара кесилүүчү толкундардын эки системасы орун алат. Ал эми байкоочу туташ булуттан жогору көтөрүлсө, анда ал булуттун үстүнкү бети деңиз толкуну сыяктуу болуп көрүнөт. Алар абанын эки катмарынын чек арасындагы туруктуу толкун деп аталат. А. т-ды изилдөө аба ырайын прогноздоодо чоң роль ойнойт.

АТМОСФЕРАЛЫК АКУСТИКА — атмосферада үндүн таралыш өзгөчөлүктөрүн ж-а атмосфераны акустикалык методдор м-н изилдөөчү *акустиканын* бөлүгү. Аба жылуулук өткөргүчтүк ж-а илээшкектүүлүк касиетке ээ. Атмосферанын тыгыздыгы аз, ал эми үн жыштыгы чоң болсо, үн атмосферага көбүрөөк сиңет. Мис., жакындан чыккан мылтыктын же жарылуунун үнү алыс аралыкка угулбайт. Тескерисинче, термелүү мезгили бир нече секундадан бир нече *мин* га созулган төмөнкү жыштыктагы үндөр (инфраүндөр) миңдеген *километрге* таралат. Үндүн таралышындагы бул өзгөчөлүктөр төмөнкү жыштыктагы үндөрдүн кубаттуу булагы болгон ядролук жарылууларды алыс аралыкта аныктоого мүмкүндүк берет. Бийиктеген сайын темп-расы ж-а тыгыздыгы азайып, атмосфера бир тектүү болбогондуктан, үн өзүнүн таралуу багытынан кыйшаят да, үндүн рефракция кубулушу пайда болот. Таралуу багытынан кыйшайган үн толкундары Жерге кайрылып келип, акустикалык үн угулуучу ж-а угулбоочу зоналарды пайда кылат.

Ад.: Красильников В. А., Звуковые и ультразвуковые волны в воздухе, воде и твердых телах, 3 изд., М., 1960.

АТМОСФЕРАЛЫК ЭЛЕКТР — 1) атмосферадагы электр кубулуштары м-н процесстеринин жыйындысы; 2) атмосф. физикасынын атмосферадагы электр кубулуштары м-н касиеттерин изилдөөчү бөлүгү. А. э. атмосферадагы электр талаасын, анын иондошуусун, өткөргүчтүгүн, андагы электр тогун, көлөмдүк заряддарды, булуттар м-н жаан-чачын заряддарын, чагылганды ж. б. кубулуштарды изилдейт.

Атмосферадагы электр талаасы. Тропосферадагы булут, жаан-чачын, туман, чаң ж. б. электр м-н заряддалып, атмосферадагы электр талаасын пайда кылат. Жер терс (өлчөмү $3 \cdot 10^5$ *к*), атмосфера жалпысынан оң заряддалган. Бирок жаан-чачында, бороондо, айрыкча чагылгандуу жаанда электр талаасынын чыңалуу багыты ж-а чоңдугу кескин өзгөрүлүп, кээде 1000 *в/м* ге жетет. Электр талаасынын чыңалуусу ортоңку кеңдикте жог. деңгээлде болуп, түн., түш. уюлдарда төмөндөп, убакытка карата өзгөрүп турат.

Атмосферанын электр өткөргүчтүүлүгү. Атмосферанын электрдик абалы, анын электр тогун өткөрүшүнө байланыштуу. Ал атмосферада иондордун, б. а. заряддуу бөлүкчөлөрдүн болушу ж-а алардын кыймылы м-н түшүндүрүлөт. Абанын электр өткөргүчтүүлүгүн атмосферадагы бардык эле иондор пайда кылат, бирок оор иондордун кыймылы жеңилдерине караганда бир канча эсе жай болгондуктан, алардын өткөргүчтүгү начар болот. Аба канчалык таза болсо, же деңиз деңгээлинен канчалык бийик турса, электр тогун ошончолук жакшы өткөзөт. Анткени мында иондор көбөйүп, алардын кыймылдоосу артат. Атмосферанын электр өткөргүчтүүлүгү өтө кичине, аны жакшы изолятор өткөргүчтүүлүгү м-н салыштырууга болот. Жер үстүндөгү абанын электр өткөргүчтүүлүгүнүн орт. мааниси $2 \cdot 10^{-14}$ *сим/м*. Космостук нурлар, радиоактивдүү заттардын нурлануусу, Күндүн ультра кызгылт көк ж-а корпускулярдык нуру — атмосферанын негизги иондоштургучтары. Электр талаасынын чыңалуусунан иондор козголуп, атмосферада төмөн карай тик багытталган электр тогу пайда болот. Бүткүл жер бети б-ча анын өлчөмү 1800 *а* гө жетет. Бир чагылгандуу булуттан Жерге түшкөн токтун күчү орто кеңдиктерде 0,01—0,1 *а*, экваторго жакын аймактарда 0,5—1 *а* гө чейин болот. Булуттардын өзүндөгү токтун күчү Жерге өткөн токтун күчүнөн 10—100 эсе чоң. Жер шарында бир эле мезгилде 1800гө жакын чагылган болуп, андагы токтун күчүнүн жалпы суммасы 1000 *а* гө чейин жетет.

Ад.: Тверской П. Н., Атмосферное электричество, Л., 1949.

АТМОСФЕРАНЫН КӨРҮНҮМДҮҮЛҮГҮ — алыстагы заттарды күңүрттөнгөн аба катмарларынан ажырата көрүүнүн мүмкүнчүлүгү. Ал күндүзгү, күүгүмдөгү ж-а түнкү болуп бөлүнөт. А. к. заттын канчалык даана көрүнүмдүүлүгү ж-а анын алыстыгы (горизонталь ж-а тик же жантык багыт б-ча) м-н мүнөздөлөт. А. к-н изилдөөнүн практикалык мааниси транспортто (жол белгилеринин, самолёттор конуучу ж-а учуучу аянттардын көрүнүмдүүлүгү), топогр. (триангуляциялык белгилердин көрүнүмдүүлүгү) ж-а согуш иштеринде (чалгындоодо ж. б.) өтө чоң. А. к-нүн өзгөрүшү аба ырайына байланыштуу. Горизонталь б-ча заттардын көрүнүмдүүлүгү кээде 50 *км* ден ашат. А. к. тужайында жакшырып, кышында тумандуу ж-а жаан-чачындуу күндөрдө, бороон болгондо начарлап, заттар ондогон *м* ге чейин гана араң көрүнөт. Заттардын көрүнүмдүүлүгүн жакшыртуу үчүн дүрбү ж-а радиолокация колдонулат.

АТМОСФЕРАНЫН РАДИОАКТИВДҮҮЛҮГҮ — атмосферада радиоактивдүү заттардын болушу. А. р-н пайда кылуучу негизги булактары: 1) радиоактивдүү изотоптордун жер бетинен келиши; 2) табигый ядролук реакциялардын натыйжасында радиоактивдүү изотоптордун атмосферада пайда болушу; 3) жасалма ядролук реакциялардын (ядролук жарылуу-

лардын) эсебинен атмосферада пайда болуучу радиоактивдүү изотоптор. Радиоактивдүү элементтердин табигатта (жер кыртышында) минерал ж-а руда түрүндегүсү — уран м-н торий. Калгандары — алардын радиоактивдик ажыроосунан гана пайда болгон хим. элементтер. Радиоактивдүү элементтердин (радий, торий, актиний) изотоптору: радон, торон, актиний. Алардын ичинен жер кыртышынан атмосферага аба аркылуу кошулган тараганы — радон. Кургактыктын ар бир $см^2$ аянтынан орто эсеп м-н 10^{-7} *кюри* радон атмосферага өтүп турат. Радон атмосферадагы майда белүкчөлөр м-н бирикпегендиктен, А. р. артат. Андан башка уран кендери, атом бомбасынын жарылуусу ж. б. да А. р-н көбөйтөт. Бирок радиоактивдик ажыроодон, радиоактивдешкен аэрозолдордун гравитациялык, электрдик ж-а диффузиялык чөгүүлөрүнүн, алардын жаан-чачын м-н жер бетине түшүүсүнөн ж. б. натыйжасында атмосфера тазаланып, А. р-нүн салыштырма бир калыптуулугу сакталып турат.

АТМОСФЕРАНЫН СТРАТИФИКАЦИЯСЫ — темп-ранын ж-а нымдуулуктун тик багыт б-ча белүнүшү. *Тропосферада* темп-ра бийиктеген сайын орто эсеп м-н ар бир 100 *м* ге 0,6° төмөндөйт. Жер шарынын аймактарында аба массалары тынымсыз кыймылда болгондуктан, темп-ранын тик багыт б-ча градиенти дайыма өзгөрүп турат. Кээде бийиктеген сайын абанын темп-расы өтө төмөндөйт. Мис., ар бир 100 *м* сайын 1°С. Мындай учурда А. с. туруксуз. Темп-ранын тик багыт б-ча градиенти эң эле аз же өзгөрүүсүз бир калыпта (изотермия) сакталат, кээде бир аз жогорулашы (инверсия) мүмкүн. Мындай абал атмосферанын туруктуу стратификациясы болуп эсептелет.

АТМОФИЛЬ ЭЛЕМЕНТТЕРИ — жер атмосферасына мүнөздүү хим. элементтер. Аларга суутек, азот ж-а инерттүү газдар (гелий, неон, аргон, криптон, ксенон, радон) кирет. А. э. литосферанын 0,03%ин түзөт. Алардын атомдору атмосферада бош түрүндө кездешет. А. э-нин атомдук көлөмү чоң, кайноо, эрүү темп-ралары төмөн келип, диамагниттик касиеттерге ээ.

АТ-ОЙНОК КЫРКА ТООСУ Ички Тянь-Шандын батышында (Кыргыз ССРи). Талас Ала-Тоосу м-н Чаткал кырка тоосу бириккен жерден түш.-чыгышты карай (Нарын д-на чейин) 75 *км* аралыкта жатат. Түш.-батышынан Кара-Суунун алабы, түн.-чыгышынан Кетмен-Төбө өрөөнү, чыгышынан Нарын д-сы м-н чектешет. Тууласы 8—12 *км*. Орт. бийикт. 3400 *м*, эң бийик жери 3897 *м*. Палеозойдун ааки таш теги, кумдук ж-а сланец тоо тектеринен турган ассиметриялуу антиклиналь. Капталдары кокту-колоттуу, түш. капталы жазы ж-а жантайыңкы, түндүгү тик. Чыгышынан Кырк-Казык, Беш-Тээ суулары агып түшөт. Туландуу талаа (1600—2200 *м*), бадалдуу токой (2200—2800 *м*), шалбаалуу субальпы ж-а альпы (2800—3800 *м*), ниваль (3800 *м* ден жогору) ландшафт алкактары жатат. Малга жайлуу. Байыркы мөңгүлөрдүн издери бар.

АТОЛЛ — ичинде жайык (100 *м* ге чейин) лагуна болгон шакек түрүндөгү жапыз коралл аралы. Негизинен Тынч ж-а Инди океандарында таралган, к. *Коралл аралдары*.

АТОМ (гр. átomos — бөлүнбөс) — хим. элементтин өзүнө тиешелүү касиеттерине ээ эң кичине бөлүкчөсү. Ар бир хим. элементтин атому бири биринен өзүн түзүп турган бөлүкчөлөрдүн (протон, нейтрон, электрон) саны ж-а ат. массасынын чоңдугу б-ча айырмаланат. А-дор газдарда эркин, ал эми суюк ж-а катуу заттарда байланышкан абалда болот да, бир же бир нече элементтин атомдору биригип, татаал микро бөлүкчөнү — молекуланы түзөт. А. оң электр заряддуу ядродон, терс электр заряддуу электрондордон түзүлүп, негизинен электрон оболочкасынын өлчөмү м-н аныкталат. А-дун сызыктуу өлчөмү $\sim 10^{-8}$ *см*, туурасынан кесилиш аянты 10^{-16} $см^2$, көлөмү $\sim 10^{-24}$ $см^3$ (ядронуку 10^{-12} *см*, 10^{-24} $см^2$ ж-а 10^{-36} $см^3$). Ядронун заряды А-дун негизги мүнөздөөчү чоңдугу болуп, белгилүү бир хим. элементке тиешелүүлүгүн аныктайт. Анын заряды абс. мааниси б-ча электрондун зарядына барабар болгон элементардык оң заряддын *(e)* эселенген бүтүн санына барабар $(+Ze)$. Анын элементардык зарядга эселүүлүгү ядронун түзүлүшүнүн негизинде түшүндүрүлөт. Ал б-ча протондордун саны Z (ат. н.), заряды $+e$. Ядронун заряды бардык протондордун зарядарынын суммасына, б. а. $+Ze$ ге барабар. А-дун массасы ат. н-нин өсүшү м-н чоңоёт да, ядросунун массасы болжол м-н массалык санына, б. а. протон м-н нейтрондордун жалпы санына пропорциялаш. Электрондун массасы $(0{,}91 \cdot 10^{-27}$ *г*) протон же нейтрондун массасынан $(1{,}67 \cdot 10^{-24}$ *г*) бир кыйла кичине (болжол м-н 1840 эсе) болгондуктан, А-дун массасы негизинен ядронун массасы б-ча аныкталат. Бир эле элементтин А-дору ядролорунун массасы б-ча да айырмаланат (протондордун саны А—Z өзгөрүшү мүмкүн). Мындай атомдор **изотоптор** деп аталат. Мис., жеңил суутектин ($Z=1$, $A=1$) изотопторунан дейтерий ($Z=1$, $A=2$) ж-а тритий ($Z=1$, $A=3$) касиеттери б-ча бирине бир кыйла айырмалуу, к. *Атом физикасы*.

Ад.: Атом физикасы макаласынан кара.

«АТОМ ДИПЛОМАТИЯСЫ» — АКШнын 2-дүйн. согуштан кийинки тышкы саясатынын багытын билдирүүчү термин. «А. д.» атом куралынын жалгыз гана АКШда болушуна ж-а аны чыгарууда америкалыктардын артыкчылыгына таянуудан пайда болгон. Ядролук куралдын АКШда түзүлгөн арсеналын амер. империалисттер башка өлкөлөргө кысым көрсөтүү үчүн пайдаланууга тырышкан. СССРде атом (1949) ж-а водород (1953) куралдары, андан соң континент аралык ракеталар жасала башташы м-н «А д.» толук кыйрады.

АТОМ КУРАЛЫ — атом ядросунун ички энергиясын пайдалануунун негизинде кыйраткыч күчтөрө ээ болгон курал, к. *Ядролук курал*.

АТОМ НОМЕРИ, катар номер — Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасындагы хим. элементтердин катар номери. А. н. атом ядросунун протондорунун санына барабар, ал өз кезегинде нейтралдуу атомдун электрондук катмарындагы электрондордун санына барабар болот.

АТОМ СПЕКТРЛЕРИ — эркин же өз ара начар байланышта болгон атомдордун бир энергиялык деңгээлден экинчи деңгээлге өтүүдө жарыкты жутуу же чыгаруусунун натыйжасында алынуучу оптикалык спектрлер. Өтө тыгыз эмес буулардагы ж-а газдарда ушундай спектрлер болот. А. с. айрым спектр сызыктарынан турган сызыктуу спектр болуп эсептелет. Ар бир сызыгы атомдун энергиясынын E_i ж-а $E_к$ энергия деңгээлинин ортосундагы өтүүнө туура келип, жутулуучу же чыгарылуучу жарыктын жыштыгы ν м-н мүнөздөлөт. Нур чыгаруунун кванттык законуна ылайык $E_i - E_к = h\nu$ болот. h — Планк туруктуулугу.

Ад.: Шпольский Э. В., Атомная физика, 6 изд., т. 1, М., 1974.

АТОМ ФАКТОРУ — атомдун электрондорду же нейтрондорду ж-а рентген нурларын чачыратуу жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү чоңдук. Айрым учурда А. ф. чачыраган нурдун интенсивдүүлүгү түшкөн нурдун багытына көз каранды экендигин аныктайт. Рентген нурларынын чачыроодогу А. ф. $(f_р)$ — атомдогу электрон оболочкаларынын түзүлүшү, электрондордуку $(f_э)$ атомдун электростатикалык потенциалы м-н, ал эми нейтрондордун чачыроодогу А. ф. $(f_н)$ алардын ядро м-н өз ара аракеттенишин аркылуу аныкталат. Алардын чоңдуктары $f_р = 10^{-11}$ *см*, $f_э = 10^{-8}$ *см* ж-а атом номери өскүү м-н көбөйөт, $f_н = 10^{-12}$ *см*. Кайсы нурлануу алыгандыгына жараша А. ф-нун сан мааниси ж-а дифракция максимумдарынын интенсивдүүлүгү б-ча изилденүүчү кристаллдардын же молекулалардын атомдорунун кандайча жайланышканын эсептеп чыгууга болот.

АТОМ ФИЗИКАСЫ — физиканын атомдун түзүлүшүн ж-а абалын үйрөтүүчү бөлүгү. Азыркы мезгилдеги А. ф-нын негизги бөлүктөрү булар: атом теориясы, атомдук спектроскопия, рентген спектроскопиясы, радиоспектроскопия, атомдук ж-а иондук кагылышуулар физикасы. А. ф. 19-кдын аягы 20-к-дын башында пайда

болду. 20-к-дын 10-жылдары атом электр күчү м-н байланышта болгон ядродон ж-а электрондордон түзүлө тургандыгы аныкталган. 40-жылдары ядролук физика өзүнчө илим катары калыптанып, 50-жылдары андан элементардык бөлүкчөлөр физикасы же жог. энергия физикасы бөлүнүп чыкты. Француз окумуштуулары М. *Склодовская-Кюри* ж-а П. *Кюринин* радиоактивдүү кубулуш ж-догу эмгектери атом бөлүнбөйт деген пикирди биротоло жокко чыгарды. Атомдун түзүлүшү ж-а негизги касиеттерин классикалык физиканын принцибинде түшүндүрүү үчүн англ. физик Э. *Резерфорд* планеталык модель деп аталган атомдун жаңы моделин сунуш кылган. Бирок бул модель атомдун туруктуу нур чыгара ала тургандыгын, нурлануу спектри сызыктуу түрдө болорун ж-а фотоэлектр кубулушун түшүндүрө алган жок. М. Планк сунуш кылган квант теориясы гана заттын атомдору электромагниттик энергияны айрым порция (жарык кванты) түрүндө чыгарарын ж-а анын энергиясы E чыгарылган нурдун жыштыгына ν туз пропорциялаш экенин далилдеди: $E = h\nu$, h — Планк туруктуулугу. Атомдун түзүлүшү ж-дегү квант теориясына даниялык физик Н. Бор 2 постулатты айтуу м-н эң маанилүү салым киргизди, к. *Бордун постулаттары, Ядролук физика*.

Ад.: Шпольский Э. В., Атомная физика, 6 изд., т. 1—2, М., 1974; Бройль Л., Революция в физике, пер. с франц., М., 1963.

АТОМ ЭЛЕКТР СТАНЦИЯСЫ (АЭС) — атом (ядро) энергиясынан электр энергиясын иштеп чыгаруучу курулуштардын комплекси. АЭСте атом реактору энергиянын генератору болот. Кээ бир оор элементтердин ядролорунун бөлүнүшүнүн уланма реакциясынан реактордо бөлүнүп чыккан жылуулук кадимки жылуулук электр станциясындагыдай электр энергиясына айландырылат (к. *Ядролук реактор*). Ядролук отун катары реактордо уран (^{233}U, ^{235}U ж-а ^{238}U), плутоний (^{239}Pu), торий (^{232}Th) пайдаланылат. 1 *кг* шарттуу отун күйгөндө, 10^4 *ккал* энергия алынса, 1 *кг* уран бөлүнгөндө, $2 \cdot 10^{10}$ *ккал* энергия алынат. Дүйнөдө биринчи АЭС 1954-ж. 27-июнда СССРде (Обнинск ш.) курулган. Анын кубаттуулугу 5 *Мвт*. 1958-ж. бир блогунун кубаттуулугу 100 *Мвт* болгон АЭС Сибирде салынып, жалпы кубаттуулугу 600 *Мвт* ка жетти. Белояр АЭСтин бир блогу 1964-ж. 100 *Мвт* ток берсе, экинчи блогу 1967-ж. 200 *Мвт* ток берди. АЭС нейтрондорун энергиясына карата тез нейтрондор м-н иштөөчү реакторлуу АЭС ж-а жылуу нейтрондор м-н иштөөчү реакторлуу АЭС болуп бөлүнөт. АЭСтин жер үстүндөгү имаратынын уз. 80—100 *м*, туурасы 70—90 *м*, бийикт. 45—55 *м* ге жетсе, жер астындагы курулушунун тереңд. 6—12 *м* болот. Реакторлук бөлмөнүн жер астындагы бөлүгү ж-а жер бетиндеги айрым конструкциялары темир-бетондон жасалат. Курама темир-бетон конструкциялары көбүнчө экинчи контурдагы жайларды салууда керектелет. Биол. коргонуу катуу талап кылынган жайларда көлөмдүк салм. 3,6—6 $т/м^3$ болгон өтө оор бетон колдонулат.

Ад.: Калафати Д. Д., Термодинамические циклы атомных электростанций, М.—Л., 1963; Петросьянц А. М., Атомная энергетика наших дней, М., 1968.

АТОМ ЭНЕРГИЯСЫ — атом ядролорунун бөлүнүү ж-а биригүү процессинде пайда болуучу энергия. А. ядросунун ички энергиясы А. э-ның булагы болуп саналат, к. *Ядролук энергия*.

АТОМ ЭНЕРГИЯСЫ БОЮНЧА ЕВРОПАЛЫК УЮМ. Евратом — эл аралык мамл.-монополисттик уюм; европалык экон. кызматташтыкка кирген 6 өлкө (Франция, ГФР, Италия, Бельгия, Нидерланддар ж-а Люксембург) тарабынан түзүлгөн. Аны түзүү жөнүндө 1957-жылдагы Келишим 1958-ж. 1-январдан күчүнө кирген. Бул уюмдун офиц. милдети — атом ө. ж. түзүү ж-а өнүктүрүү, ал жагынан изилдөө иштерин биргелешип жүргүзүү, тех. информацияларды алмашуу, жабдуулар м-н сырьёлордун жалпы рынокун түзүү ж б. Башкы өткаруучу органы — Комиссия. Евратомдун иштей баштаган алгачкы 5 жылында Италияда, Бельгияда ил. из. борбору, Трансуран элементтер ин-ту уюштурулду. Атом ө ж-ын өнүктүрүү үчүн 2-беш жылдыкта 455 млн. доллар бөлүштүрүлдү. 1975-жылга карата Евратомго кирген өлкөлөрдүн атом электр станцияларынын жалпы кубаттуулугу 17 млн. *квт* ка чейин жетүүгө тийиш. 1967-жылдын аягында бул өлкөлөрдө 200дөй атом объекти, анын 20сы уран кени, ядро отунун өндүрүүчү 5 завод, 100гө жакын реактор ж. б болду. Евратом долбоорун жүзөгө ашыруу ишинде реакторлорду тандап алуу ж-а АКШдан технол. жактан артта калуучулукту жоюу б-ча бул уюмга кирген да, кирбеген да өлкөлөрдүн (мис., ГФР м-н Франция) ортосунда курч карама-каршылыктар чыгууда.

Евратомдун ядролук потенциалын согуш үчүн пайдалануу пландарына дүйн. прогрессчил коомчулук атом энергиясын тынчтык максатында колдонуу программасын каршы коюп жатат.

АТОМ ЯДРОСУ — атомдун протондон ж-а нейтрондордон турган эң оор борб. бөлүгү. Анын орт. тыгыз. 10^{14} $г/см^3$, радиустары 10^{-12}—10^{-13} *см*. А. я-дагы протондордун саны Z Д. М. Менделеевдин таблицасындагы элементтердин ат. н. м-н аныкталат. А. я-дагы массалык санды А тамгасы м-н белгилесек, ядродогу нейтрондордун саны N=A—Z м-н аныкталат. Ядродогу протондор ж-а нейтрондор өз ара ядролук күч (к. *Ядролук күчтөр*) м-н байланышкан. Бизге азырынча 104 хим. элемент белгилүү экенин эскерсек, алардын ат. н. Z 7ден 104кө чейин, ал эми А 257ге чейин өзгөрөт. А. я-дагы протондорунун саны бирдей, бирок нейтрондорунун саны түрдүүчө болсо — изотоптор деп, ал эми нейтрондорунун саны бирдей, бирок ядролордун массалык саны ар түрдүү болсо, изотондор деп аталат. Ядродогу нуклондорду байланыштыруучу ядро күчүнөн башка протондордун ортосунда кулондук түртүү күчү аракет кылат. Ядронун бекемдүүлүгү анын *байланыш энергиясы* м-н аныкталат. Жуп-так А. я-на караганда жаратылышта жуп-жуп (Z ж-а N жуп болгон) А. я. көп таралган ж-а бекемирээк.

Ад.: Айзенбуд Л., Вигнер Е., Структура ядра, пер. с англ., М., 1959; Строение атомного ядра, пер. с англ., под ред. А. С. Давыдова, М., 1959; Бете Г., Морисон Ф., Элементарная теория ядра, пер. с англ., М., 1958.

АТОМ ЯДРОСУНУН ИЗОМЕРИЯСЫ — атом номери Z ж-а массалык саны A бирдей, ажыроо мезгили түрдүүчө болгон дүүлүккөн абалдарга атом ядросунун нурлануу кубулушу. Б. В. Курчатов, *И. В. Курчатов*, Л. В. Мысовский ж-а Л. И. Русинов жасалма радиоактивдүү ядролордо А. я. н. бар экендигин 1-жолу байкашкан. Алар бромдун изотобу $^{80}_{35}Br$ 4,4 *с* ж-а 18 *мин* жарым ажыроо мезгилине ээ экендигин аныкташкан. Изомерия абалындагы заттардын жарым ажыроо мезгили 10^{-6} *сек* дан бир нече жылга чейин созулат. А. я. н. радиоактивдүү ядролордо туруксуз абалдардын болушу м-н түшүндүрүлөт. Мис., $^{80}_{35}Br$ алгачкы учурда өтө дүүлүккөн абалда болот. Эгерде ал γ-фотондорду нурлантса, негизги абалына келет да, 8-ажыроо $T = 18$ *мин* да болуп өтөт. Туруксуз абалга дүүлөр болгондо, ядронун негизги абалга өтүшү 4,4 *с* ка созулат. 100дөн ашык изомериялуу ядро белгилүү.



Жылуулук алмаштыргычтуу атом электр станциясынын схемасы: *1* — реактор; *2* — турбоагрегат; *3* — буу генератору; *4* — конденсатор; *5* — кайра жеткизүүчү насос; *6* — циркуляция насосу.

АТОМ ЯДРОСУНУН МОМЕНТТЕРИ — ядронун ички түзүлүшүн ж-а тышкы талаа м-н өз ара аракеттенишин аныктоочу ядронун маанилүү мүнөздөмөлөрүнүн бири. Ядронун составындагы нуклондордун ар биринде тиешелүү мех. ж-а магнит моменттери геом. жол м-н кошулуп, ядронун толук моментин түзөт. Ядронун мех. моменти — $I = \sqrt{I(I+1)}\,\hbar$, ал эми магнит моменти — $M = g\hbar I$, мында $\hbar = \frac{h}{2\pi}$, h —

Ылаик туруктуулугу, g — квант саны $g=\frac{1}{2}, \frac{3}{2}, \frac{5}{2}$ ... Ядропун ичинде нейтрон м-н протондордун саны жуп-жуп болсо, анын моменти нолго барабар. А. я. м-н изилдөөдө негизинен спектроскопия методдору колдонулат.

АТОМДОРДУ ТАМГАЛОО МЕТОДУ, изотоптук индикаторлор методу — илимде ж-а техникада ар кандай изилдөөлөр үчүн тамгаланган атомдорду (изотоптук индикаторлорду) колдонуу жолу. А. т. м. элементтердин ж-а алардын кошулмаларынын ар кандай процесстерде жылып жүрүү жолун текшерген учурда колдонулат. Мис., өсүмдүктү радиоактивдүү көмүртеги (C^{14}) бар көмүр кычкыл газдуу абада өстүрсө, тамгаланган атомдору бар орг. заттын пайда болуу процессин ж-а ал заттын өсүмдүктүн ткандарына таралышын ж-а топтолушун башынан аягына чейин байкоого болот. А. т. м. биол., мед., биохим., агробиол. изилдөөлөрдө ж-а техникада кеңири колдонулат.

АТОМДУК МАССА, атомдук салмак — элементтердин атомдук салмагынын көмүртек бирдиги м-н болгон өлчөмү. Ат. м. түшүнүгүн Дж. Дальтон аныктап киргизген (1803). Кийинчерээк Я. Берцелиус, Ж. С. Стас, Т. У. Ричардс ж. б-лар Ат. м-ны тактоодо чоң салым кошкон. 1869-ж. Д. И. Менделеев элементтердин касиеттеринин Ат. м-га болгон көз карандылыгы ж-дегү мезгилдик законун ачып, ошондон улам бир топ элементтин (Be, U, La) Ат. м-сын тактап ж-а ал кезде ачыла элек элементтердин (Ga, Ge, Sc) Ат. м-ларын алдын ала айткан. Жаратылышта бир изотоптон турган элементтердин (F, Al) Ат. м-сы анын изотобунун Ат. м-сына туура келет. Ал эми изотоптордун аралашмасынан турган элементтердин Ат. м-сы болуп, ошол изотоптордун Ат. м-ларынын орт. мааниси эсептелет. Көпчүлүк элементтердин изотоптук составына жараша Ат. м-сы да туруктуу болот. Бул — элементтердин эң негизги касиеттеринин бири. Ат. м-нын бирдиги катарында жаратылыштагы кычкылтектин атомунун орт. массасынын $^1/_{16}$ бөлүгү алынат. Жаратылыш кычкылтеги ^{16}O, ^{17}O, ^{18}O изотопторунан турат. Бул бирдик м-н өлчөнгөн Ат. м. хим. шкаланы түзөт. Мындан башка физ. шкала бар. Анда Ат. м-нын бирдиги үчүн кычкылтектин ^{16}O изотобунун массасынын $^1/_{16}$ бөлүгү алынган. Бул эки шкала м-н иштөө ыңгайсыз болгондуктан, 1961-ж. көмүртек шкаласы, б. а. Ат. м-нын бирдиги үчүн көмүртектин ^{12}C изотобунун массасынын $^1/_{12}$ бөлүгү алынган. Ат. м. түрдүү методдор м-н аныкталат; аны жог. тактыкта аныктоо физ. метод м-н жүргүзүлөт. Ат. м. хим. тендемелерди эсептөөдө, бирикмелердин мол. салмагын табууда колдонулат.

АТОМДУК РАДИУС — атомдордун ортомун болжолдоп ченөөгө мүмкүндүк берүүчү мүнөздөмө. Ал ангстрем ($Å$) м-н өлчөнөт ($1Å=10^{-8}$ *см*). А. р. металлдык ж-а коваленттик болуп болүнөт. Металлдык радиус үчүн элементтердин кристаллдык түзүлүшүндөгү атомдордун эң кыска аралыгынын жарымы алынат. Коваленттик радиус металлоиддердин молекулаларындагы бир байланышынын узундугунун жарымына барабар (мис., хлордун молекуласындагы Cl_2 — атомдордун аралыгынын жарымы). А. р-тун кристалл химиясында мааниси өте чоң.

АТОМДУК РЕАКТОР, к. *Ядролук реактор.*

АТОМДУК СААТ — жүрүшү убакытын (жыштыктын) атомдук репери м-н жөнгө салынуучу саат, к. *Квант-тык саат.*

АТОМДУК БАЙЛАНЫШ, к. *Коваленттик байланыш.*

АТОМДУН ЖАНА МОЛЕКУЛАЛАРДЫН ДИФРАКЦИЯСЫ, к. *Болүкчөлөрдүн дифракциясы.*

АТОМИЗМ, атомистика — философиядагы ж-а табият таануудагы материянын атомдон ж. б. майда болүкчөлөрдөн тургандыгы ж-дегү филос. окуу. А-дин өкүлдөрү дүйнөнө матер. көз караштын жакташын, мистикага ж-а динге активдүү каршы чыгышкан, дүйнөнү кудай же дух жаратkан деген түшүнүктү төгүндөшкөн. Атомисттик идея байыркы индиялык материалисттердин — чарвакатардын (б. з. ч. 4—2-к.) филос. окуусунда орун алган. Кийинчерээк А. байыркы грек материалисттери Левкипп, Демокрит, Эпикурлардын ж-а алардын жолун жолдогон рим философу Лукреций Кардын эмгектеринде толугураак өнүккөн. Атомисттер дүйнөнү кудай да, адам да жаратkан эмес, ал түбөлүктүү, чеги жок болүнбөс материалдык чексиз майда болүкчөлөрдөн — атомдордон турат дешкен. Дин кызматкерлери материализмге каршы күрөш жүргүзүп, атомисттерди куугунтукка алышкан. А. 18—19-к. *Галилейдин, Бойлдун, Ньютондун, Ломоносовдун, Дальтондун, Бутлеровдун, Менделеевдин* эмгектеринде иштелип, материянын физ.-хим. түзүлүшү ж-дегү теорияга айланган. Алгачкы атомисттер атом-материянын эң майда болүгүнүн акыркы чеги деген ойдо болушкан. Илимде радиоактивдүү нурдун (1895—96) ж-а электрондун (1897) ачылышы атомдун болүнбөстүгү ж-а физикадагы кризис ж-дегү эски көз караштын төгүнгө чыгарды. Азыр А. материянын түзүлүшүндө молекулалардын, атомдордун, «элементардык» болүкчөлөрдүн бар экендигин, алардын түгөнбөс татаалдыгын, дайыма кыймылда болуп, бир формадан экинчи бир формага тынымсыз өтүп туруу мүмкүнчүлүгүн моюнга алат ж-а материянын акыркы болүкчөлөрү бар деген ойду четке кагып, аны сандык ж-а сапаттык жагынан чексиз деп эсептейт.

АТОМ-МОЛЕКУЛАЛЫК ТЕОРИЯ — заттардын атомдук ж-а мол. түзүлүшүнүн теориясы. Теориянын алгачкы негиздөөчүлөрү: *Ломоносов,* Бойль, Дальтон, Канниццаро, Авогадро, Гей-Люссак, Жеррар ж. б. Бул теория б-ча бардык заттар атомдордон ж-а молекулалардан турат. 18-к-да пайда болгон бул теория физ. ж-а химия илимдеринин жаңы табылгалары м-н толукталып, жаратылыштын көп кубулуштарын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Атомдук ж-а мол. салмак чоңдуктары илимге А.-мол. т-ның негизинде киргизилген. Теориянын өнүгүшүнө мезгилдик системанын, электрондун, рентген нурларынын ж-а радиоактивдүүлүктүн ачылышы чоң түртүк берди. Мурда болүнбөс деп эсептелген атом, жаңы ачуулардын негизинде, электрондон ж-а ядродон турган татаал болүкчө экендиги далилденди.

АТОМОХОД — энергиянын негизги булагы катарында ядролук күч берүүчү түзүлүштү пайдалануучу кеме.

АТОМ-СУУТЕКТҮҮ ШПРЕТҮҮ — электр шпретүүсүнүн бир түрү. А.-с. ш-де вольфрам электродунун ортосунда пайда болгон электр жаасы суутектин ичинде күйөт. Мында шпретилүүчү металл электр жаасынын ток өткөрүүчү тизмегине түздөн-түз туташтырылбайт. Жаанын таасири м-н диссоциацияланган суутек металлдын бетине жабышат да, кайра калыбына келүүдө болүнүп чыккан энергия (100 миң *кал/моль*) металлды эритип, шпретүү ваннасын пайда кылат. Айрым учурларда суутектин ордуна аммиак колдонулат. Өлчөмдөрү бир кыйла чоң болгон 1—5 *мм* калыңдыктагы алюминий ж-а дат баспан турган болот элементти А.-с. ш-де суутектин ордуна аргон же гелий газдарын колдонуу жакшы натыйжаларды берүүдө.

АТОНИЯ (гр. atonia — шалкаюу, былбыроо) — скелеттеги ж-а ички органдардагы булчуңдардын жыйрылышынын пачарлашы. А-га чалдыккан булчуң ж-а орган чымырдыгын, чоюлгучтугун жоготуп, алардын функциялык иши төмөндөп же токтоп калышы мүмкүн. А. перв ж-а эндокрин системаларынын иштешинин бузулушунан келип чыгат. Организмде зат алмашуу процесстеринин бузулушунан (ачкалыктан) алсыроо да буга, көмөктөш болот. Жемсөөнүн, жумурдун, ичегинин, карындын, өт кабынын, тогуз каттын, жатындын ж. б. А. дарттары кезигет. Дарттын өтүү убактысына жараша жаңы ж-а өнөкөт А. деп экиге бөлөт. Бул дарт кышкажаз айларында малда, бакма куштарда ж-а энеси жерингеи музоо, козуларда учурайт. Малды А-дан сактоодо аларга аш болумдуу тоют берип, кышкысын жылуу сарайга багуу керек. Ылаңдаган малга, куштарга жылма булчуңдардын жыйрылышын күчөтүүчү ж-а ич алдыруучу дарылар берилет жө операция жасалат.

АТООЧТОР — лексика-семантикалык мааниси б-ча заттардын атын, сынсыпатын, санын билгизүүчү ж-а ат-тын, аның белгилеринин ордуна колдонулуучу, маани берүүчү сөз түр-күмдөрүнүн тобу. А-го зат, сын, сан, ат атоочтор кирет. Бирок булар өз ара лексика-семантикалык, граммат. белгилери б-ча бири биринен айырмаланса да, атоо мааниси ж-а айрым граммат. категориялар (жөндөмөлөр, кептүк, таандык мүчөлөр) негизинен алардын бардыгына орток.

АТООЧТУК — кыймыл-аракетти заттын белгиси, касиети катарында көрсөтүүчү этиштер. А. -ган, -ар, -бас, -ооч мүчөлөрү ж-а -а, -е, -й формасындагы чакчылдар аркылуу да жасалат. Сын атоочтун суроосуна жооп берет, бирок этиштке окшош кыймыл-аракетти билдирет; сүйлөмдө баяндоочтун (Жетим жүрүп *жетилер*), аныктоочтун (Эл *сагынбас* эр болбойт), этиштин *(Келген* — бригадир) милдеттерин аткарат.

АТООЧТУК ТҮРМӨК — сүйлөмдүн бир мүчөсү катары милдет аткарган өкө же андан көп сөз тизмеги. А. т-тогу сөздөр граммат. жактан өз ара ажырагыс биримдикте болуп, анын эң акыркы сөзү атоочтук формалардын биринде болот. Мис., *Сүйлөшө турган сөз,* сураша турган суроолор көп. *Тиги кетиренден күлвөн* Акыл кетирекей деген болот. А. т. интонациясыз айтылып, бүт бойдон бир гана суроого жооп берип, сүйлөмдүн кандайдыр бир мүчөсүнүн милдетин аткаргандыктан жөндөмөлөр б-ча жөндөлөт. Сүйлөмдүк касиетке ээ болобайт. Улуу кишини сыйлагандан бой кичирип калбайт ж. б.

АТРАЗИН ($C_8H_{14}N_5Cl$) — отоо чөптөрдү жоготуу үчүн колдонулуучу ак кристалл түрүндөгү гербицид. А. негизинен жүгөрү, таруу эгилүүчү талааларда, жүзүмзарларда, алма ж-а алмурут багында колдонулат. Отоо чөп өнүп чыкканга чейин кумдак топуракту жердин гектарына 1—1,5 *кг*, боз топуракту жерге 2—3 *кг*, кара чиринділүү жерге 3—4 *кг*, жүзүм ж-а мөмө-жемиш багынын гектарына 2,5—5 *кг* А. чачылат.

АТРЕЗИЯ (*а...* ж-а tresis — тешик) — түтүк түзүндөгү органдардагы (толто, өпкөнүн кызыл кан тамыры, көкүртек, кызыл өңгөч ж. б.) табигый тешиктердин же жылчыктардын жоктугу. А. тубаса ж-а айрым оорулардан (күйүктөн) пайда болот. Пайда болуу процесстери татаал органдардын арасынан кызыл өңгөчтүн, көтөн чучуктун, толгонун (аортанын) ж-а заара, жыныс түтүкчөлөрүнүн А-лары тубаса түрүндө көп учурайт. Толто ж. б. кан тамырлардын А-сы адамды узак жашатпайт. А. жаңы төрөлгөн балдар үчүн өте опурталдуу. Аны айыктырууда хирургиялык операция колдонулат.

АТРЕК (Сөлпяха, Сулпяха) — Иран м-н Түркмөн ССРинин чек арасын бойлоп аккан дарыя. Уз. 669 *км*, алабынын аянты 27 300 *км²*. Түркмөн-Хорасан тоолорунан башталып, Каспий деңизине култ. Жамгырдан ж-а кардан куралат. Жамгыр поппорлон жааганда, ташкындайт. Дарыя сугатка пайдаланылат. Башкы куймасы — Сумбар.

АТРИБУТ, аттрибут (лат. attribuo — берем, күч берем, маани берем) — 1) перселердин же кубулуштардын ажырабас негизги зарыл касиети ж-а белгиси. Буларсыз персе өшөл персе болуудан, кубулуш өшөл кубулуш болуудан калат. Мис., материянын А-у — кыймыл. *Аристотель* перселердин зарыл касиеттерин А. деп атаган. *Декарт* А-ту *субстанциянын* негизги касиети катарында караган. 2) Сүрөт өнөрүндө каармандын, кудайдын өзгөчө касиетин зат аркылуу көрсөтүү. 3) *Грамматикада — аныктооч.*

АТРИБУЦИЯ (лат. attributio — таандык деп каттоо) — 1) адабият таануудa автору бүдөмүк же белгисиз болгон чыгынын авторун же ал чыгынын кайда ж-а качан жазылганын аныктоо. А. — текстологиянын илгертен бери келаткан өтө орчундуу проблемаларынын бири. Адабий чындыкты ачуу үчүн А-ның тарыхында методол. маанилүү жол-жоболор иштелип чыккан. Мис., бир нече классикалык трагедиянын автору жөнөкөй актер Шекспир болууга мүмкүн эмес деген шектүү ойлор пайда болгон. Мындай проблемалар А-лык далилдер м-н чечилген. А-лык далилдерди изилдөө үч топко бөлүнөт: документ фактылар, тексттин идеялык-образдык мазмунундагы мүнөздүү белгилер ж-а тил м-н стилди анализдөө. 2) Иск-во таануудa А. негизинен чыгының стилистикалык ж-а технол. өзгөчөлүктөрүн (материалын, композициясын, сүрөтчүнүн жекече манерасын ж. б.) анализдөөгө негизделет. А-да чыгының сюжетин ж-а кимге арналгандыгын ачуу, тарыхый-маданий маалыматтарды, архивди ж-а адабий булактарды пайдалануу чоң роль ойнойт. Мурда А. адистердин эмпириялык билимине ж-а божомолуна негизделип келсе, 19-к-дын алгынан илдеилин келсе, 19-к-дын алгынан илдеилин келсе, 19-к-дын алгынан илдеилин

радио ж-а өтө жог. жыштык техникасында кеңири колдонулат.

АТТИКА — Орто Грециянын түш.-батышындагы байыркы область. Байыркы грек уламыштары б-ча, А. Афинынын айланасына саясий жактан падыша Тесейдин тушунда биригүүнү айтылат; чындыгында бул процесс бир нече кылымга созулган. Б. з. ч. 6-к-дын башында Афины А-да абсолюттуу экон. ж-а саясий беделге ээ болуп турган (к. *Афины Байыркы*). Азыркы Грецияда А.— ушул эле аталыштагы область, борбору — Афины.

АТТИЛА (453-ж. өлгөн)—434—453-жылдагы уруулардын гүнн союзунун жол башчысы. А-нын тушунда гүнн союзу өтө күч алып турган. Чыг. Рим империясына печен жолу талоончул жортуулдарды (443, 447—48) жасап, Рим империясы ага жыл сайын зор өлчөмдөгү салык төлөп турган. Галлияны басып алууга да аттанып, *Каталаун талаасындагы* салгылашууларда жеңилип калган (451). 452-жылдагы жортуулунда Римге жакындап кирип барган, бирок салык алып кайра кайткан. А. өлгөндөн кийин, гүнн союзу тараган А-нын образы кийин легендага айланып кеткен.

АТТОКУРОВ Сабыр (1932-ж. т., Жумгал р-ну, Ылама кыш.) — сов. тарыхчы, тарых илимд. доктору (1969), СССРдин 50 жылдыгы атн. КМУнун Кырг-н тарыхы кафедрасынын проф. (1971). 1961-жылдан КПССтин мүчөсү. КМУнун тарых ф-тетин бүтүрүп (1953), аспирантурада окуган. 1956-жылдан КМУнун тарых ф-тетинин окутуучусу, доценти (1961—71), деканы (1965—69). А-дун негизги изилдөөлөрү Кырг-ндын ө. ж-нын өсүшүнүн тарыхына арналган.

Чыг.: Карл Маркс атындагы колхоздун тарыхы. (Москва району), Фр., 1962; История индустриального развития Киргизии (1917—1937), Фр., 1965; Из истории промышленности Киргизии (1938—41), Фр., 1971.

АТТРАКЦИОН (фр. attraction — тартуу, кызыктыруу) — 1) цирк программасынын эң таасирдүү номери; 2) паркта, сойил багында көңүл ачуунун түрү.

АТТУУ САН — берилген чондуктун өлчөө бирдиктеринин аты м-н кошто жазылган сан. Ал жөнөкөй ж-а курама сан болуп бөлүнөт. Мис., 5 *м*, 3°, 8 *га* жөнөкөй А. с-дар; 5 *м* 65 *см*, 10 *кг* 250 *г* — курама А. с-дар.

АТ-ЧАБАР — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Бүргөндү сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 45 *км* бат. тараптa, Уч-Коргон т. ж. станциясынан 38 *км*. Калкы 422 (1970).

АТЧАН АСКЕР — аскерлердин бир түрү. Алар атчан жүргөндүктөн, согуш аракеттеринде ар кандай жерлерде өз алдынча чабуул коюуда, коргонууда көп артыкчылык кылган. Биринчи жолу А. а. б. з. ч. 9-к-да Ассирия армиясында куралып, кийин башка кул ээлөөчү мамлекеттерге тарткайт. А. а-дин согушуудагы башкы ыгы — колдо бар бардык куралдарды (найза, жаа, кылыч ж. б.) пайдаланып, чабуул коюу. Байыркы грек мамлекеттери (Спарта, Афины) жылкыга бай болгондуктан, Түн. Грецияда, Фивада эң көп А. а. түзүлүп, б. з. ч. 4-к-дын 1-жарымында фивалык кол башчы Эпаминод А. а. м-н жөө аскерлердин биригүп аракеттенишин биринчи мертебе жакшы пайдаланып, душманын кыйраткан. Б. з. ч. 4-к-дын 2-жарымында Александр Македонскийдин армиясында А. а. жакшы машыгып, негизги сокку урар күчкө айланган. Феод. түзүлүш орногондо, Бат. Европа өлкөлөрүндө 8—9-к-да башкы согуш күчүн рыцардык А. а. түзгөн. Рыцарлардын коргонуу куралы темир калкан, туулга ж. б. эле. 1242-ж. Александр Невскийдин А. а-н немец рыцарларын жеңген. 1380-ж. Куликов салгылашында Дмитрий Донскойдун А. а. полку зор күч берген. 13—14-к-дагы монгол А. а. атка шамдагай, чыдамкай болгон. Дары м-н атылчу куралдардын көбөйүшүнөн 15-к-дагы рыцарлык А. а. өз маанисин жоготот. Петр Iнин убагында 1709-ж. Полтава согушунда, 19-к-дагы Бородино, Лейпциг, Ватерлоодогу француз ж-а орус аскерлеринин ортосундагы салгылашууларда орус А. а. мыкты баатырлыкты көрсөтөт. А. а. 1-дүйн. согуш мезгилинде да негизги күч болгон, к. *Атчандар армиясы*.

АТЧАНДАР АРМИЯСЫ — сов. атчандардын оперативдүү жог. бирикмеси. Гражд. согуш мезгилинде (1918—20) Рев-чыл аскер советинин (РВС) чечими менен түзүлгөн (командачысы С. М. Будённый, РВСтин мүчөлөрү: К. Е. Ворошилов, Е. А. Щаденко, С. К. Минин). Бул армияны уюткусун 4, 6, 11-дивизиялардан турган Будённыйдын 1-атчандар корпусу түзгөн. 1920-ж. апрелде А. а-нын составына 4, 6, 11, 14- ж-а Блинов атн. 2-атчандар дивизиясы ж. б. белүктөр кошулуп, саны 16—17 миң кишиге жеткен. Айрым операцияларда 1-А. а-на 2—3 аткычтар дивизиясы башчылык кылган 1-А. а-нын Врангель, Деникин, Колчак, Махнонун бандасы, бурж.-помещикчил Польша м-н салгылаштарда көрсөткөн эрдиги Кызыл Армиянын тарыхында чоң орун ээлейт. 1921-ж. май айында 1-А. а. таркатылат, бирок анын штабы 1923-ж. октябрга чейин иштейт. 1-А. а-нын катарында кийин көрүнүктүү аскер башчылары болгон С. К. Тимошенко, А. В. Хрулев, О. И. Городовиков, И. В. Тюленев, И. Х. Баграмян, К. С. Москаленко, А. А. Гречко кызмат кылган. Врангелге ж-а ак гвардиячыл армияга каршы күрөштү күчөтүү максатында РВСтин приказы б-ча, 1920-ж. 16-июлда 2-А. а. түзүлөт. Анын составына 16, 20, 21-атчандар дивизиясы кирип, армиянын командирлигине Ф. К. Миронов дайындалат. 2-А. а. Врангелге ж-а ак гвардиячыларга катуу сокку урган. А. а. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде да массалык баатырлык көрсөткөн, ага «Гвардия» деген наам берилген. Армиянын татаал согуш техникасы м-н жабдылышы А. а-нын жоюлушуна шарттады.



1-атчандар армиясынын Каховкадан жанынан Днепрден өтүүсү.

Ад.: История гражданской войны в СССР. 1917—1922, т. 1—5, М., 1939—60.

АТЧЫ — ат багуучу адам. А-нын мил-дети: аттарга жем-чөп берүү, сугаруу, аткананы ж-а жылкыны тазалоо, ат жабдыгынын сакталышына көз салуу, зоовет. эрежелерди сактоо.

АТЫР — жыпар жыттуу заттардын спирттеги ж-а спирт-суу аралашмасындагы эритмеси; жыпар жыт берүүчү, тазалык ж-а сергитүү үчүн пайдаланылуучу суюктук. А-ды даярдоодо аралашмага 300гө жакын ар түрдүү жыпар жыттуу зат кошулат. Ал бекем бекитилген аралаштыргыч м-н жабдылган атайын идиштерге куюлуп, анын жытын чыгаруу процесси иштетилүүчү затка жараша 10 саатган 12 суткага чейин созулат да, андан кийин чыпкаланат. А-дын айрым түрлөрүнө боёчу заттардын суу кошулган эритмеси аралаштырылат. Даярдалган А. ар кандай формада жасалган кичинекей бөтөлкөлөргө автоматтык жол м-н куюлуп, оозу бекитилет. А-лардын гүлдөн алынгандары («Белая сирень», «Ландыш» ж. б.) ж-а эфир майынан жасалгандары («Шипр», «Кристалл» ж. б.) жыттуулугу м-н айырмаланат.

АУБАКИРОВ Маннаф Аубакирович (1925—1945) — Данк орденинин толук кавалери. Чыг. Каз-н обл-нын Зайсан ш-да туулган. Татар. 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. Сов. Армияга 1943-ж. мартта Кыргыз ССРинин Кочкор райондук аскер комиссариаты тарабынан чакырылып, Улуу Ата Мек. согушка Степной, 1-Белорус ж-а 2-Прибалтика фронтторунда 76 *мм* замбиректин командири болуп катышкан. Курск салгылашуусунда, Пулавск плацдармында ж-а душмандын Варшава — Радомск группировкаларын талкалоодогу эрдиги үчүн А. 3-дараж. (25. 8. 1944) ж-а 2-дараж. (17. 2. 1945) Данк орденин алган. 1945-ж. Берлин операциясына катышып, Лебус ш-на (Германия) жакын жердеги урушта курман болгон. Ошондогу каармандыгы үчүн А. өлгөндөн кийин 1-дараж. Данк ордени м-н сыйланган (15. 5. 1946). Баатыр жоокердин соогу Франкфурт-на-Одердеги Шторков ш-ныи четине коюлган.

АУГСБУРГ ДИНИЙ ТЫНЧТЫК ДОГОВОРУ (1555) — Германиянын протестант князлары м-н император Карл Vнин ортосунда Аугсбург шаарында түзүлгөн келишим. А. д. т. д. католиктер м-н протестанттардын ортосундагы согушту токтоткон. Ал князлардын, империялык ж. б. сословиелердин дин б-ча толук көз каранды эместигин белгиледи ж-а аларга өздөрүнүн карамагындагы гражданддардын диний ишенимдерин өзүлөрү аныктоо укугун бекитти («ким бийлесе, ошонун дини» деген принципке ылайык).

АУДИЕНЦИЯ (лат. audientia — угуу, кабыл алуу)—эл аралык укукта ишеним ж-а чакыруу грамоталарын тапшыруп же башка учурда мамлекет башчысынын дипл. өкүлдү кабыл алышы. 1815-ж. Веналык ж-а 1818-ж. Аахендик протоколдор б-ча, А-дан элчилер гана пайдалана алышат; башка рангдагы өкүлдөрдүн мындай укугу жок. Посол мамлекет башчысынын гана өкүлү деп эсептелгендиктен, ал дайындалган мамлекет башчысынан өзүн кабыл алууну талап кылууга толук укугу бар.

АУЁСКИ ЫЛАҢЫ (лат. Morbus Aujeszky), жалган кутурма — айбанаттардын жугуштуу дарты. А. ы. м-н киши да ооруйт. Дарттуу айбанат тышкы чөйрөгө бөлүп чыгарган вирус — ылаңдын чыгышына себепкер. Вирус кирген жерин катуу кычыштырып, борб. перв системасын ж-а дем алуу органдарын жабыркатат. 1909-ж. венгр окумуштуусу А. Ауески бул ылаң үй, ит ж-а мышыкта кездетерин ачкан. Кийинчерээк бул ылаңга Ауескинин ысмы коюлган. А. ы. чочкодо, кой, эчкиде, түлкүдө да болот. Ал, көбүнчө күзүндө же кышка жуук, кемирүүчүлөр оруп (ийип) которуштурган мезгилде пайда болот. Ылаң чарбага көп зыян келтирет. Ыландаган жаныбарлар (айрыкча торопойлор) өлүмгө көп учурайт. Инкубациялык (белгисиз) мезгили 1—15 күнгө созулуп, тез өтөт. Ыландаган айбанаттардын дененси ысып, тоютка көөнү чаппай, басканы бузулуп, уйдун сүтү тартылат. Дары катарында гамма-глобулин, гипериммундуу сыворотkалар колдонулат. Бул ылаңдан сактануу үчүн кемирүүчүлөрдү жок кылып, малды зоогигиена талаптарына ылайык түзүк тоюттандыруу ж-а багуу керек. Короо-жай өз убагында дезинфекцияланып, фермага дароо карантик коюлат.

АУК — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Совет сельсоветине караштуу кыштак. Энгельс атн. к-здун аймагында, р-ндун борбору Ленин-Жолдон 10 *км* түн. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 35 *км*. Калкы 1114 (1970). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

АУКСАНОМЕТР (гр. auxáno — өстүрөм ж-а metréō — өлчөйм) — өсүмдүктөрдүн жалпы өсүшүн чеңөөчү курал. Бул куралда өсүмдүктөрдүн өсүшү чыгырык механизмдеринин жардамы аркылуу ишке ашырылат. Жөнөкөй А. горизонталдык окко орнотулган ири догдон турат. Догдогу чыгырыкка бекитилген жебе жип аркылуу өсүмдүккө байланат. Өсүмдүк өсө баштаганда, жипти салмагы м-н жебе белгилүү аралыкка жылат. Жебенин башталыш ж-а токтогон жердеги сандарын карап көрүп, өсүштү эсептеп чыгарышат. Азыр өсүмдүктүн өсүшүн өтө так өлчөөчү электрондук А-лер бар.

АУКСИНДЕР (гр. áuxō — өстүрөмүн, чоңойтомун) — өсүмдүктүн клеткаларында пайда болуп, өсүү процессин жөнгө салып туруучу физиол. активдүү заттар. Өсүмдүктөрдө А. төмөнкү формада кездешет: Ауксин а (ауксинтриоль к-тасы $C_{18}H_{32}O_5$) ж-а Ауксин б (ауксинолон к-тасы $C_{18}H_{30}O_4$) ж-а гетероауксин (β-индолилуксус к-тасы $C_{10}H_9O_2$). Аз өлчөмдөгү А. өсүмдүктердүн өсүшүн тездетет, ал эми көбүрөөк болсо, өсүмдүктөрдү жабыркатып, өсүшүнө терс таасир берет. А. өсүмдүктөрдүн бардык бөлүктөрүндө учурайт. А. эритмеси (1 *л* сууда 50—100 *мг*) калемченин өсүшүн, тамыр алышын тездетет. Кийинки жылдарда, А. чоң даректарды көчүргөн кезде, алардын тамырларын тез калыбына келтирүү үчүн да колдонулуп жатат.

АУЛОПОРИДАЛАР (гр. aulos—түтүкчө, porus — тешикче) — деңиздин түбүндө чогуу жашоочу кораллдардын бир түрү, к. *Коралл полиптери*.

АУП САН (13. 2. 1915—19. 7. 1947)— Бирманын улуттук баатыры, саясий ж-а мамл. ишмери, улуттук-бошт. кыймылынын жетекчилеринин бири. Рангун ун-тин бүтүргөн (1937). 1939-ж. Бирманын компартиясын түзүүгө катышып, анын ген. секретары болгон (1939—40). А. С. 2-дүйн. согуш башталгандан кийин Англия м-н Японияның Ы. Чыгыштагы кагылышууларын Бирманы боштондукка чыгаруу үчүн пайдалануу, б. а. Япония м-н кызматташуу керек деп эсептеген. Ошондуктан А. Японияга ж-а ал басып алган айрым өлкөлөргө барып, Бирма армиясына командир даярдоого катышкан. Бирок Японияның аскерлери Бирманы басып киргенден кийин, ал Родинасына кайра келип, Бирманын көз каранды эмес армиясынын башында турган ж-а патриотизм м-н бирге Японияга каршылык көрсөтүү кыймылын уюштурган. 2-дүйн. согушта Япония жеңилген соң, англ. колонизаторлорго каршы патриоттук күчтөрге жетекчилик кылды. 1947-ж. январда Лондондо англ. өкмөт м-н Бирмага көз каранды эмес өкмөт м-н Бирмага көз каранды эмес-тикти берүү ж-де сүйлөшүп, Бирматикти берүү ж-де сүйлөшүп, Бирманын Уюмдаштыруу чогулушун откөнүн Уюмдаштыруу чогулушун откөнүн рүүгө макулдашкан. Аны У Сонун рүүгө макулдашкан. Аны У Сонун реакциячыл тобу өлтүргөн.



М. Аубакиров.



Аун Сан.

АУРЕЛИЯ (Aurelia aurita) — ичеги көңдөйлүүлөр тибинин сцифомедуза классына кирген омурткасыз деңиз жаныбары. Денеси килкилдек, тунук. Диаметри 40 *см* ге жакын, көрүнүшү кол чатырдай, оозу астынкы бетинде жайгашкан. Денесинин айланасында мурут-тинтүүрлөрү ж-а 8 тендеме органы бар. Баренц, Ак, Карск деңиздеринде, Тынч ж-а Атлантика океандарында таралган.

АУРИПИГМЕНТ (лат. aurum—алтын, pigmentum — боёк) — мышьяк сульфиди, минерал. Хим. формуласы As_2S_3. *Моноклин системасында* кристалданат. Өңү сары ж-а кызгылт сары. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 1,5—2, бычак м-н оңой кесилет. Салыштыр. салм. 3,49. Электр тогун өткөрбөйт, магнитгелбейт. Төмөнкү темп-ралуу гидротерм кендеринде, арашан суулардын чөкмөлөрүндө ж-а жанар тоо кратерлеринде учурайт. А.— мышьяк рудасы. Сары боёк катары да колдонулат.

АУСКУЛЬТАЦИЯ (лат. auscultatio — тыңшоо) — ички органдардан чыгуучу үн кубулуштарын тыңшоо аркылуу аларды изилдөө методдорунун бири. Б. з. ч. 2-к-да жүрөктү тыңшоону 1-жолу грек врачы Аретей ачкан. Франц. врачы Р. Лаэннек (1819) «медициналык түтүк» — стетоскопту колдонуп, азыркы кездеги А-ның методун иштеп чыккан. А-да фонендоскоп пайдаланылат. Фонендоскоп өпкө сезгенгендеги мүноздуу кырыроолорду, жүрөктүн дабышын, анын өзгөрүшүн, артериялык кан басымын аныктоодо колдонулат.

АУСТЕНИТ—көмүртек ж-а легирлөөчү элементтердин гамма-темирдеги катуу уютмасы; темир-көмүртектүү катуу куйманын составдык бөлүгү. А. англ. окумуштуу У. Роберто-Остендин (1843—1902) ысмы м-н аталган. Темир м-н көмүртектин куймасында А-тин бар экендигин темирди ж-а болотту 1120°С темп-рада кургак хлорду суутек м-н жедирүү (ойдуруу) аркылуу орус окумуштуусу А. А. Байков 1909-ж. далилдеген. А. магниттүү эмес, тыгыздыгы болоттун башка структуралык түзүүчүлөрүнөн көбүрөөк. А. анча катуу эмес, серпилгичтиги азыраак, жог. бекемдикке ж-а илээшкектик каснетке ээ.

АУТИГЕН МИНЕРАЛДАРЫ (гр. autigenes—пайда болушу жергиликтүү) —



М. О. Ауэзов.



М. Д. Афанасьев.

седиментация процессинен же алгачкы тунган жериңде калган чөгүндүлөрдүн кийинки өзгөрүүлөрүнөн пайда болгон чөкмө тоо тек минералдары. Аларга ар түрдүү карбонаттар, чополуу ж-а руда минералдары, эрүүчү туздар, кварц, барит, целестин, талаа шпаты ж. б. кирет. Чөкмө тоо тектердин пайда болуу шарттарын ж-а алардын кандай өзгөрүү процесстерине учураганын изилдөөдө А. мин-нын мааниси чоң.

АУТОГЕНДИК КӨНҮГҮҮ — ички органдардын иштеши бузулганда, аны өзүн-өзү ишендирүү ж-а өзүн-өзү башкаруу жолдорун айкалыштыруу аркылуу дарылоо. 1-жолу (1956) немец окумуштуусу И. Шульц сунуш кылган; СССРде М. С. Лебединский (1963) тарабынан жакшыртылган. А. к-нү өзүнчө же дары-дармектер м-н өз денесинде жылуулукту сезүүгө, колу-бутунун булчуң эттерин өз эркинче бошотуугa, өзүн-өзү тынчтандыруугa, дарылоонун нейтиликтүү болушуна ишенүүгө кондүрөт. Нерв системасынын иши бузулганда, А. к-нү өзүнчө же дары-дармектер м-н аралаш жүргүзсө, натыйжалуу болот.

АУЭЗОВ Мухтар Омарханович [16(28). 9. 1897, Семей обл., Абай р-ну — 27. 6. 1961, Москва, табыты Алматыга көчүлгөн] — атактуу казак совет жазуучусу, коргунуктуу илимпоз, коомдук иштмер, Казак ССР ИАнын акад. (1946). Семейдеги мугалимдер семинариясын (1919) бүтүргөн. 1923—28-ж. А. бир кыш Ташкендеги О. Азия мамл. ун-тинде, 4 жыл Ленинград ун-тинде окуп, филол. ф-тетин бүтүргөн. 1928—30-ж. О. Азия ун-тинин аспирантурасында окуган. А. тунгуч чыг-сы — «Эңилик-Кебектн» 1917-ж. жазган. Пьесада феод.-уруучулук түзүлүштүн катаал зан-законунун курманы болгон эки жаштын трагедиялуу махабаты баяндалат. Айрым идеялык-көркөмдүк кемчиликтерине карабастан, «Эңилик-Кебек» автордун чыныгы талант экси экендигин айгинелеген. 20—30-ж. «Коргоосуз калгандардын тагдыры» (1921), «Ким айыптуу?» (1923), «Караңуу сулуу» (1937) ж. б. пьесалары жарыяланган. А-дун алгачкы эле ачгеме, повесттеринен анын орус ж-а европалык ад-т м-н казак элинин көркөм адабий салттарын айкалыштыра билгени, бийик жазуучулук мад-т, социалдык баамчылдык, эпикалык чабыты таасын көрүнгөн. А. көркөм чыг-лык м-н бирге, ал. майданда белсенип иштеп, казак ж-а боордош элдердин ад-тынын маанилүү маселелери б-ча бир нече ал. сын макала жазган. Орус ж-а дүйн. классиктердин (Шекспир, Пушкин, Тургенев, Гоголь, Погодин) чыг-ларын казак тилине көчүргөн. А. Соболев м-н бирге «Абай» аттуу трагедиясын жазган (1940). Бул тарыхый чыг-да Абай өмүрүнүн соцку жылдарына кайрылып, улуу акындын трагедиялуу тагдырын көрсөтөт. А-дун таланттын гүлдөгөн мезгили «Абай жолу» роман-эпопеясын жаратkан жылдарга туш келет. Романдын 1-2-китеби (1942—47) СССРдин Мамл. сыйлыгына (1949), 3-4-китептери (1950—56) Лениндик сыйлыкка (1959) арыган. Бул дүйнөгө атагы кеткен роман-эпопеяда улуу акын Абай Кунанбаевдин таталал өмүр жолу казак элинин рев-ляга чейинки коомдук турмушунун социалдык-саясий ж-а нравалык конфликтери м-н, эдин ац-сезиминде болгон өзгөрүү процесстери м-н тыгыз байланышта сүрөттөлөт. Чыгарма идеялык-эстет. күчү жагынан улуу классиктерге мүнөздүү чеберчилик м-н жазылган. Романда классикалык образдардын бүтүндөй бир галереясы түзүлгөн. Дүйн. ад-тта 20-к-да жаралган улуу чыгармалардын бири болгон «Абай жолу» 30дан ашуун дүйнө тилдерине которулган.

А. өмүрүнүн акыркы жылдарында ад-ттын башка жанрларында да жемиштүү эмгектенди. «Алтын шакек», «Асыл насилдер», «Майдан», «Акыл элинде», «Түштүк очерктери», «Индия очерктери», «Америка таасирлери» ж. б. очерк, ацгемелерин жаратты. «Ак кайың» (А. Тажибаев м-н бирге) «Бекет» (1939), «Сыноо сааты» (1942), «Каракыпчак Кабыланды» (1942—44) пьесаларын жазды. А-дун коммунисттик курулуштагы совет адамдарынын эмгегин, күрөшүн, жаңы рухий дүйнөсүн, улуттар арасындагы достук мамилелерди кеңири көрсөтүүнү максат кылган жаңы эпопеясынын 1-китеби — «Өскөн өркөн» романы өзү дүйнөдөн кайткандан кийин (1962) жарыкка чыкты. А. дүйн. көркөм процесс м-н жеткиликтүү тааныштыгы бар ири илимпоздордун бири болгон. Ал о. кылымдагы Күн чыгыш классикасы, казак фольклору ж-а профессионал ад-ты, 19-к-дагы орус классикасы, Батыш ад-ты, азыркы учурдагы СССР элдеринин ад-ты, көркөм көтормо маселелери б-ча өзүнүн баалуу ойлорун ортого салып келген. Анын ил. изилдөөлөрү, сын макалалары «Ар жылкы ойлор» (1959) китебине кирген. А. кыргыз адтынын тагдыры үчүн дайыма кам көрүп, кыргыз жазуучуларына өрнөк көрсөтүп келген. Улуу «Манас» эпосун изилдөөгө арналган эмгеги бүткүл дүйнөлүк илимпоздор чөйрөсүнө кеңири белгилүү. А-дун «Абай жолу» роман-эпопеясы (1955—65), «Караш-Караш окуясы» повести, ацгемелери ж-а пл. эмгектери кыргыз тилинде жарык көргөн. А. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Шыг., 12 томдук, 1—12-т., 1967—69; Кок карышкыр, Фр., 1928; Абай. Тарыхый роман. 1—2 китеп, Фр., 1953, 1957; Абай жолу. Роман, 3—4 китеп, Фр., 1963, 1965; Караш-караш. Ацгемелер жыйнагы, Фр., 1969; Путь Абая, Б-ка всемирной лит-ры, сер. 3, т. 7 (134)—8(135), М., 1971.

Ад.: Кедрина З. С., Мухтар Ауэзов, М., 1951; Нуркатов А., Мухтар Ауэзов, 1957; Лившунова Е., Мастерство Мухтара Ауэзова, Л.-А., 1968; Ауэзова Л., Исторические основы эпопеи «Путь Абая», А.-А., 1969; Мухтар Ауэзов в воспоминаниях современников, А.-А., 1972.

АУЭРБАХ ЧЫРМАЛУУСУ (Plexus myentericus, нем. илимпозу Л. Ауэрбахтын ысмынан) — омурткалуу жаныбарлардын, адамдын тамак сиңирүү органдарындагы булчуң челинин узун ж-а циркулярдык катмарынын ортосунда жайланышкан көп уручкатуу нерв клеткаларынын (нейрондордун) жыйындысы. А. ч-нда нейрондордун 2 тиби бар: 1-типтеги клеткалар нерв импульстарын борб. нерв системасынан же 2-типтеги нейрондордон кабыл алат да, аларды тамак сиңирүү органдарынын жылма булчуңдуу клеткаларына жиберет; 2-типтеги клеткалар рефлектордук догонун сезгич (борб. нерв системасы м-н тийиштеген) звенолорун түзөт. А. ч. тамак сиңирүү органдарын кыймыл-аракетин камсыз кылат.

АФАКИЯ (*a...* ж-а phakós — оптикалык айнек) — чечекейдин жоктугу. А. көз катуу майын болгондо, кээде операциядан (бозоргон, чел баскан чечекейди алып таштагандан) кийин, о. эле тубаса түрүндө сейрек учурайт. А-дан улам көздүн жарык нурларды сындыруу кубаты (рефракция) кескин өзгөрүлүп, түрдүү алыстыктарды көрүүгө ыңгайланышы жоголот. А-луу көздүн көрүүсүн томпок же контакттуу линза түрүндөгү көз айнек кийгизүү м-н жакшыртууга болот.

АФАНАСИЙ МАДАНИЯТЫ — б. з. ч. 3 миңинчи жылдын аягында ж-а 2-к-дын башында жог. Енисейде ж-а Алтайда таралган археол. маданият. О. Азиядагы кельтеминар мад-ты м-н мезгилдеш. Ал Батейи с-на жакын жердеги (Хакас АО) Афанасий тоосунун жанындагы көрүстөндөн табылгандыктан, ошонун атынан аталган (1920). Аф. м-нын көрүстөндөрү бири бирине жамаатташ корумдардан турат. Табылган соокторго караганда мүрзөгө коюлгандар палеоевропа тибиндеги адамдар болгон. Алар мал багып күн өткөрүшкөн, дыйканчылыкты да билишкендей жайы бар. Көрүстөндөрдөн түп жагы учтуурак келген жумуртка формасындагы карапалар да табылган. Алардын алдындагы мүрзөлөр жалпак таштар м-н жабылган. Карапа идиштеринин түптөрү учтуурак, жумуртка формасында, «келка» түрүндөгү оймо-чиймелер м-н коозделгон. Аф. м-нын ордун Окунев мад-ты баскан.

АФАНАСЬЕВ Михаил Денисович (1923-ж. т., Кыргыз ССРи, Чүй р-ну, Старая Покровка с-су) — Сов. Союз. Баатыры, ст. лейтенант. 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей-дыйкандын үй-бүлөсүнөн. Чкаловдогу аскердик авиация мектебин бүтүргөн. Кызыл Армияга 1941-ж. чакырылып, согушка 1943-ж. катышкан. 1943—44-жылда Мелитополь, Севастополь, Тырва, Тарту ж. б. жерлерде салгылашып, душмандын 8 танкасын, 25 автомашинасын, жүктүү 20 киресин, т. ж. эшелондорун, көп сандаган адам күчүн бомбалап жок кылган. Мындай эрдиги үчүн ага Сов. Союз. Баатыры деген наам берилген. А. 2 Кызыл Туу ордени ж-а 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени м-н сыйланган.

АФАНАСЬЕВ Федор Афанасьевич (жашырын аты: Отец, Осецкий, Иванов) [8(20). 2. 1859, Петербург губ.—22. 10(4. 11). 1905] — орус жумушчу-революционери. Дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1871-ж. Крепгольмский мануфактурасында, 1887-жылдан Петербургда Воронининдин ф-касында иштеген. Ушул жерде революционерлер м-н таанышып, токуучулардын кружогун уюштурган. 1891-ж. А. Петербургдагы маевканы уюштурууга катышкан. Ошол эле жылы башка шаарлардын жумушчу кружокторун м-н байланыш түзүү үчүн Москвага келет. 1894-жылдан Петербургда жашырын иш жүргүзүп, В. И. Ленин жетекчилик кылган жумушчулар кружогуна катышкан. 1896-ж. февралда Иваново-Вознесенскиде, Ригада, Павлово-Посадда, Шуяда с.-д. уюмдарды бириктирүү үчүн жигердүү аракеттенет. Рев-чыл иши үчүн 3 жолу камакка алынат. 1904-ж. январдан Иваново-Вознесенскиде жашырын жашап, РСДРПнин «Түндүк комитетинин тобуна», андан кийин Иваново-Вознесенск комитетинин мүчөсү ж-а секретары болгон. М. В. Фрунзе м-н бирге А.— *Иваново-Вознесенск иш таштоолорунун* (1905) уюштуруучуларынын ж-а жетекчилеринин бири. Талка өзөнүнүн боюндагы митингиде А-ди черносотенчилер м-н казак-орустар өлтүрүп кетишкен.

АФАР-САХО ТИЛДЕРИ (данакиль) — Эфиопиянын түп. чыгышында Франц. Сомалинин түндүгүндө жашаган афар ж-а сахо элдеринин тилдери. А. т-де 500 миңге жакын адам сүйлөйт. Семит-хамит тилдеринин кушит тобуна кирет.

АФГАНДАР (өздөрүн паштандар, жекелик санда пуштун; чыг. А.— пахтандар ж-а пухтун дешет) — улут, Афг-ндын калкынын теңинен көбү (8,5 млн. 1970-жылдын аягы). Отурукташкан А. негизинен сугат жер дыйканчылыгы м-н кесип кылышат. Айрымдары токой чарбачылыгында, о. ж-да ж-а курулушта иштешет. Көчмөн ж-а жарым көчмөн А. (2,5 млн-чө) кой, үй, жылкы, төө багышат. Афг-нда уруулук бирикмелер ушу кезде да бар. Алардын эң ирилери—Дуррани ж-а Гильзаи уруулары. А-дын чыккан теги али жетиштүү тактала элек. А. ж-дөгү алгачкы маалыматтар 6-к-га таандык. Ал даректерде А. Сулайман тоолорунун жанжакаларында жашагандыгы көрсөтүлөт. 14—15-к-да алар Пешавар ороонүндө, андан соң Дир, Сват ж-а Баджаур обл-тарына жайгашышкан. 16—17-к-да ар түрдүү афган уруулары афган эли болуп калыптанган. 1747-ж. Ахмадшах Дуррани көз каранды эмес Афган мамлекетин негиздеген (к. *Дурранн державасы*). Афган элинин улут болуп калыптанышы узак убакытка созулган. Афган улутунун калыптануу процессине Англиянын колониялык саясаты, Афг-нда фарс тилинин бирден-бир мамл. тил болуп сакталып келиши (1936-жылдан баштап А-дын улуттук пушту тили да мамл. тил деп жарыяланган) да жолтоолук кылган.

АФГАНСТАН (Афганстан Республикасы)

Жалпы маалымат. Борб. Азиянын түш.- батышындагы мамлекет. Түндүгүнөн СССР, батышынан Иран, түштүгүнөн ж-а чыгышынан Пакистан ж-а Индия, түп.- чыгышынан КЭР м-н чектешет. Аянты 655 миң км² (ООНдун маалыматы б-ча). Калкы 17,4 млн. (1972). Борбору — Кабул ш. Админ. жагынан 28 провинцияга (вилаятка) бөлүнөт.



Мамлекеттик түзүлүшү. 1973-ж. 17-июлдан бери респ-ка. Мамлекет башында президент турат. Респ-канын жаңы конституциясы иштелип чыкканча бийликтин жог. органынын функциясын президент башында турган Респ-калык Борб. комитети ишжүзүнө ашырып келген.

Табияты. А. Иран тайпак тоосунун түп.-чыгышында жайгашкан. Түндүгү ж-а чыгышы бийик тоолуу келип, ички боксе тоолорго ж-а туюк котловиналарга карай эңкейиштеп кетет. Иран ж-а Пакистан жакны чек ара бою шордуу ж-а колдуу чуңкур. Климаты курган, субтропиктик. Июлдун орт. темп-расы 24—32°Сге чейин, ал эми 2500—4000 *м* ден жогору 10°С чамасында. Кышы түздүктө жумшак көлип, январдын орт. темп-расы 0—8°С ге чейин, кээ бир жерлерде суук —20дан —30°Сге жетет. Түштүгүнүн түздүктөрүндө жылдык жаан-чачыны 100 *мм* ден ашпайт. Ички боксе тоолуу р-ндорунда 200—250 *мм*, Гиндикуш тоолорунун шамал жаккы беттеринде 400—600 *мм* ге чейин (көбүнчө кыш-жаазда), Инди океанынын келген муссон каптаган түш.-чыг. тарабында 800 *мм* ге жакын жаайт. Чыгышында ж-а түп.-чыгышында дарыя тармактары өтө жыш. Алардын дээрлик көбү областтын өз аймагынан куралат (Мургаб, Герируд, Фарахруд, Гильменд, Аму-Дарыя) ж. б. Инди океанынын алабына Кабул д-сы (Инди д-нын куймасы) кирет. Айрым кургакчыл р-ндо сугат иштине, калкты суу м-н камсыз кылууга жер астындагы суулар пайдаланылат. Тоолордун чет жакалары саздак, кумдак,



күрөң, ал эми түздүк жерлери шор, кызгылт-күрөң топурактуу. Көбүнчө кургак талаа ж-а чөл өсүмдүктөрү өсөт. Пакистан м-н чектеш тоолуу р-ндорунда токойлору аз. Түз талаалар м-н тоо этектеринде шыбак, төө куйрук сексеол, ал эми тоо беттеринде жазы ж-а ийне жалбырактуу жыгачтар өсөт. Нефть, табигый газ, таш көмүр, темир кени, графит ж-а асыл таштар чыгат. Көбүнчө тоо, чөл жаныбарлары бар: аркар, тоо эчки, жейрен, доңуз, жапайы эшек; жырткычтардан — карышкыр, гиена, кабылан, чөө; сойлоочулардан — таш бака, жылан ж. б. кезигет.

Калкы. А-да түрдүү тилдердин тобуна кирүүчү 20дан ашык улут жашайт. Болжол м-н жарымы — афгандар (1970-жылкы маалымат б-ча 8,5 млн.), о. эле тажик (3,5 млн.), өзбек (1,5 млн-дон ашуун), түркмөн, хазарлыктар (1,5 млн), каракалпак, нуристен, кыргыз, чаар-аймактар, белуж ж. б. да жашайт. Өлкөдө 2,5 млн. көчмөн калк бар. Мамл. тили экөө — пушта (афган) ж-а дари (фарси-кабули). Мамл. дини — ислам. Экон. активдүү калктын жалпы саны 5 млн., анын ичинен а. ч-да 77% ж-а а. ч-сын тейлөөчү тармакта 10% иштейт. Шаар калкы 10%. Ири шаарлары: Кабул (шаар айланасы м-н 500 миң), Кандагар, Герат, Мазари-Шариф, Кундуз.

Тарыхый очерки. А-дын терр-ясы байыртадан эле Жакынкы ж-а О. Чыгыш мамлекеттеринин составына кирип келген. Өз алдынча эрте феод. афган мамлекети 1747-ж. пайда болду (к. *Дуррани державасы*). Бирок ал 1818-ж. кулап, А. көпкө дейре феод. бытырандылыкка дуушар болуп, Англиянын агрессиясына кабылды. Улуу Британия А-ды колониялоо үчүн 19-к-да 2 жолу аракет кылды. Афган эли ага жол бербесе да, Англия А-дын тышкы саясатын контролдоп турду. 19-к-дын аягында А-да феод. типтеги борборлошкон мамлекет калыптанды. Эмир Абдуррахмандын реформаларынан улам өлкөнүн ички рыногу кеңиди, улуттук соода буржуазиясы түзүлдү. 20-к-дын башында 1905—07-жылдагы орус рев-ясынын таасири м-н прогрессчил реформаларды жактаган жаш афгандардын улуттук кыймылы пайда болду. Алардын идеяларын колдогон *Аманулла-хандын* өкмөтү (1919—28) 1919-ж. 28-февралда А-ды көз каранды эмес мамлекет деп жарыялады. Ушундан улам Улуу Британия А-га каршы дагы согуш ачты (1919-ж. май). Сов. Россия А-дын суверенитетин биринчи таанып, аны досчосунан колдоду. Аманулла-хандын өкмөтү башкаруунун феод. эң эски закондорун, укуктарын жоюп, капит. мамилелердин өнүгүшүнө жол ачкан бир катар реформалар жүргүздү. Реформа саясатына феод. диний чөйрөлөр каршы чыкты. Бул чөйрөлөр англ. империализмдин жардамы м-н акыры Аманулла-хандын өкмөтүн кулатты.

1929-ж. А-да М. Надир-Шахтын династиясы бийликке келди. Бул династия да өлкөдө капитализмдин өнүгүшүн колдоду, бирок анын саясатында помещиктер м-н дин кызматкерлеринин мүдөөлөрү эске алынды. 30-жылдарда улуттук соода капиталы топтоштурулуп, ө. ж. ишканалары пайда болуп, гражд. (диний эмес) билим берүү өнүктү. А-дын көз каранды эместигинин чыңдалышына 1921—26, 1931-жылдагы (1931-жылдагысы 1965-ж. узартылды) Совет-афган договорлору жардам берди. 2-дүйн. согуштан кийин А-да социалдык карама-каршылыктар курчуп, оппозициячыл саясий топтор келип чыкты. Бирок ал топторго тез эле тыюу салынды. Мухаммед Дауддун өкмөтүнүн тушунда (1953—63)



Кабул. Элдин көз карандылыктан бошотууда курман болгон белгисиз жоокерге эстелик.

өндүргүч күчтөр анча-мынча өсүп, мамл. сектордун материалдык базасы кеңиди. Жумушчу табы көбөйдү. Бирок агрардык мамилелер жагында феод. саркындылар бир кыйла сакталып калып, идеологияда, турмуш-тиричиликте диндин таасири азайган жок. Бул жылдарда афган өкмөтү өзү карманган бейтараптык ж-а блокторго кошулбоо саясатын бекем тутту.

А-дын өнүгүшүндө СССР ж. б. соц. өлкөлөр м-н кызматташуу маанилүү роль ойноду. 60-жылдардын башында ишке ашырылган экон. чаралар А-да капит. мамилелердин өнүгүшүн тездетип, бурж. катмарларды күч алдырды. 1963—65-ж. М. Юсуфтун өкмөтү бийликте туруп, конституциялык реформаны жүзөгө ашырды. 1964-жылдагы жаңы конституция (мурдагы экөө 1923—1931-ж. кабыл алынган) конституциялык-монархиялык түзүлүштүн негизине доо кетирбей жалпы демокр. укуктарды ж-а эркиндикти кеңейтти. Бирок биринин ордун бири баскан өкмөттөр маанилүү көп проблемаларды чече алган жок, конституциянын талаптары аткарылбай мамл. аппаратта паракорчулук күчөдү, товарлар кымбаттады. Өкмөттүн ички саясаты калктын кеңири катмарларын наразы кылып, жумушчуларды, дыйкандарды, кызматчыларды ачык каршы чыгууга түрттү. Аскер бөлүктөрүнүн куралдуу козголоңунан улам (1973-ж. 17-июль) А-дагы монархия жоюлуп, респ-ка жарыяланды, Сов. Союзу аны биринчи тааныды. Өлкөгө респ-канын Борб. Комитети жетекчи болуп, М. Дауд мамлекет ж-а өкмөт башчылыгына шайланды. 1964-жылдагы конституциянын респ-кага ылайыксыз жоболору жокко чыгарылды, парламент таркатылды. Бюрократиялык аппараттын, помещиктердин, дин кызматкерлеринин каршылыгына карабастан, бул бийлик 1974-жылга карата мамл. мекемелерди кайра уюштуруу ж-а тазалоо б-ча бир катар чараларды ишке ашырды, негизги азык-түлүктөрдүн баасынын туруктуу турушуна жетишти, А-дын тарыхында эмгек ж-дөгү закон 1-жолу кабыл алынды, жумушчулардын айлык акылары көбөйдү; аларды пенсия м-н камсыз кылуу, мед. жактан тейлөө элементтери киргизилди; дин мектептери мамлекеттин контролдугуна алынды. Өкмөттүн программасында А. өзүнүн тышкы саясатында бейтараптыкка ж-а блокторго кошулбоо принциптерине негизденерин билдирди.

Экономика-географиялык очерки. А.— агрардык өлкө. Экономикасынын негизи: сугат дыйканчылыгы ж-а жайыттагы мал чарбачылык. А. ч-сы жалпы улуттук дүң продуктунун $^2/_3$ бөлүгүн, ө. ж-да болсо (кол өнөрчүлүк өндүрүшүн кошо эсептегенде) 15%ке жакынын түзөт. Фабрика-заводдук ө. ж-лары жаңы өнүгүп келе жатат. А. 3-беш жылдык планды ишке ашырып, 1972-жылдан бери 4-беш жылдык планды аткарууда. СССРдин тех. ж-а финанс. жардамы м-н 60тан ашык объект курулду. Алар негизинен булар: Кабулдагы нан ж-а турак жай куруу комбинаттары, асфальт-бетон ж-а автомоб. ремонт з-ддору, Түндүгүндөгү газ промысели, СССРдин чек арасына ж-а Мазари-Шарифке чейинки газ өткөрүү түтүгү, Желалабад р-нундагы Кабул д-дагы ирригац. канал ж-а ГЭС, Сардө плотинасы (Газнага жакын) ж. б. Пяндж д-дагы механизациялуу Шерхан порту, Пули-Хумри, Наглу ж-а Дарунтеги ГЭС, Кабул кырка тоосун тешкен туннель (уз. 2,7 *км*), Тургунди — Герат—Кандагар (680 *км*) автомоб. жолдору; Мазари-Шариф азот жер семирткич з-дунун курулушу (1974) аяктап келе жатат. А-дын а. ч-сы жөнөкөй чарба шаймандарын урунган жерге жарды дыйкандар м-н чайрыкерлердин кол эмгегине негизделген, бүт иштетилүүчү жердин 73% 20 *га* дан ашык жери бар 40 миң помещиктин (жалпы жер ээлөөчүлөрдүн 6,5%) жеке менчигинде. 500 миңден ашык дыйкан үй-бүлөсүнүн жери аз же такыр эле жок, ошондуктан алар эң оор шартта помещиктерден жер арендалоого же аларга батрак болууга аргасыз.

Афганстан. Желалабад сугат системасы (Советтер Союзунун жардамы м-н курулган).





Кабул. Дарыя жээгиндеги көчө.

Иштетилүүчү жердин жалпы аянты 8 млн. *га* га жакын, анын ичинен $^2/_3$ си — сугат жер. Дан өсүмдүктөрүнөн буудай басымдуулук кылат (1971-ж. жыйымы 1,9 млн. *т*), о. эле жүгөрү (650 миң *т*), арпа (355 миң *т*) ж-а шалы (350 миң *т*). Жүзүмчүлүк, багбанчылык ж-а бакчачылык кеңири таралган. Негизги тех. өсүмдүктөрү: пахта (1971-ж. 63 миң *т*), май чыгуучу өсүмдүктөр, кант кызылчасы, бал камышы. 1971—72-ж. 22 млн. баш кою (анын 6 млн. каракүл кою), 3 млн. эчкиси болгон. Каракүл алуу б-ча (ыңгайлуу жылдарда 2,5 млн-дой көрпө берет) А. дүйнөдө 3-орунду (СССР ж-а ЮАРдан кийин) ээлейт. Үй 3 млн-дон ашык (көбүнчө өгүз). Бардык ири электр энергетика ишканалары, казып алуучу ж-а иштеп чыгаруучу (кездеме токуудан башка) ө. ж-лары мамлекетке же жеке менчик м-н мамлекет кошулган акционердик коомдорго тиешелүү. 1971—72-ж. 423 млн. *квт·с* электр энергиясы иштелип чыккан, 2,6 млрд. $м^3$ табигий газ (жарым-жартылайы сов. О. Азия респ-каларына жиберилет), 135,0 миң *т* таш көмүр, 73 миң *т* цемент өндүрүлгөн, 62 млн. *м* кебез кездеме чыгарылган. Иштеп чыгаруучу ө. ж. тармактарынан кебез кездеме токуу, тамак-аш, а. ч. сырьелорун кайра иштетүү, курулуш ж-а курулуш материалдарын чыгаруу жакшы өнүккөн. Афган килеми дүйнөгө белгилүү (экспортко чыгарылат). А-да т. ж. жок. Негизинен автотранспорт күч берет. 1972-ж. авто жолдордун уз. 7,8 миң *км*, анын ичинде 2,6 миңи асфальтталган. Кабул — Кандагар —Герат — Мазари-Шариф айланма трассасы өзгөчө мааниге ээ. Кеме жүрчү дарыясы — Аму-Дарыя (Пяндж). Негизги аэродромдору Кабул, Кандагар ж-а Баграмда. А-дын экспортунун 80—90%ин каракүл териси, жүн, пахта, жемиш, жүзүм, мейиз, жаңгак түзөт. Нефть ж-а ар түрлүү ө. ж. товарлары импорттолот. 1971—72-жылдагы башкы соода шериктери: СССР (импорттун 38% ж-а экспорттун 36%), Индия, ГФР, Англия, Пакистан, Япония, ЧССР. Акча бирдиги—афгани, СССР мамл. банкасынын курсу б-ча (1974-ж. май) 100 афгани — 1 сом 66 тыйын.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. А-да саламаттык сактоонун атайын так статистикасы жок. Өлкөгө жугуштуу оорулар көп таркалган. Холера чыга калып турат (1970-ж. 1044 учуру катталган). Ич келте, безгек, учук оорулары да таркалган. Шаарларында котон жара, астынан сезгенүү оорулары көп. Трахома м-н Кабулдун калкынын 10—13%, айрым кыштактар м-н р-ндордо 75% ке чейинкиси ооруйт. Ич келте, дизентерия да таркалган. Калктын 90% гельминтоздон жабыркашат. Жугушсуз оорулардан итий, подагра, боор циррозу ж. б. көп кезигет. Мед. жардамды мамл. мекемелер ж-а жеке врачтар көрсөтүшөт. 1971-ж. А-да 2479 койкалуу 55 оорукана иштеди (1000 кишиге 0,14 койка). 1971-ж. 937 врач (19 миң кишиге бир врач) иштеген. Врачтарды Кабул ун-тинин мед. ф-тети даярдайт (1932-жылдан бери жылына 30—40 врач бүтүрөт), ооруларга каршы күрөштөгү ж-а мед. кадрларды даярдоого чоң жардамды СССР м-н Саламаттык сактоонун бүткүл дүйн. уюму көрсөтүп жатат.

Эл агартуусу, илим жана илимий мекемелери. Окутуу акысыз ж-а ар бир баскычта бөлөк-бөлөк жүргүзүлөт. Бир топ мусулман (дин) мектептери бар. Башталгыч мектеби шаарда 6 жылдык, кыштакта 3 жылдык. 6 жылдык мектептин базасында иштеген 3 жылдык аралык мектептер орто мектептерге, кесиптик окуу жайларга кирүүчүлөрдү даярдайт. 1970—71-окуу жылында башталгыч мектептерде 540,6 миң окуучу, аралык 3 жылдык мектептерде 107,6 миң окуучу, профтех. окуу жайларында 7,6 миң окуучу болгон. Жог. окуу жайынын ириси — Кабул ун-ти (1932). 1967-жылдан СССРдин жардамы м-н түзүлгөн Политех. ин-ту иштей баштады (Кабулда). 1970—71-окуу жылында жог. окуу жайларында 7,4 миң студент окуган. Кабулда эң ири элдик китепкана, Кабул этногр. музейи бар.

Басма сөз, радио уктуруу. А-да 1974-жылга карата күн сайын чыгуучу 4 газета: «Кабул «Жумхурият», «Анис», «Хивад», «Кабул таймс» (жалпы тиражы 30 миң) ж-а провинцияларында 13 газета (жалпы тиражы 20 миң) басылган. 25 журнал чыгат (жалпы тиражы 30 миң). А-да радио уктуруунун борбору — «Афганистан радиосу», 1941-ж уюштурулган. Ал өлкөнүн ичиндеги бир катар шаарлардан 3 программа аркылуу пушту, дари, кээде түркмөн тилдеринде, чет өлкөлөргө англис, урду, орус, араб, немец, француз тилдеринде сүйлөйт.

Адабияты жана искусствосу. Афган адабияты эки: пушту ж-а дари (фарси-кабули) тилдеринде өнүгүп келе жатат. Ал ад-тка эл фольклор күчтүү таасир тийгизген. Эл арасында сыйкырдуу жөө жомоктор, эпостук чыг-лар, оозеки аңгемелер (хикаяттар) кеңири таралган. Афган ад-тында поэтикалык жанрлар басымдуу. Авыркы ад-тка 20-к-дын башында жашаган Махмуд Тарзи, Гулям Мухиддин Афган, Салих Мухаммед ж. б. негиз салган. Көпчүлүк жазуучулардын чыг-ларында патриотизм идеялары, элге кызмат кылуу темасы негизги орун ээлейт. Абдуррауф Бенаванын кара сөз түрүндө жазылган ырлары өз элин терең сүйгөндүктүн үлгүсү боло алат. Кыска филос. аңгемелер м-н терең мазмундагы ырлардын автору Гульпача Ульфаттын улуттук мад-тты өнүктүрүүдө эмгеги зор. Нур Мухаммед Таракинин повесть, аңгемелеринде дыйкандардын турмушу сүрөттөлөт. Киамудин Хадим м-н Садикул Риштин жол очерктеринин мыкты үлгүлөрүн беришсе, Зия Каризада фольклордук салттагы лирикалык ыр жанрын өнүктүрүүдө. Элдик уламыштардын мотивинде жазылган А. Пажвактын аңгемелеринин каармандары коомдун консервативдик негизине каршы чыгышат. Өлкөнүн экономикасында капит. мамилелердин өнүгүшүнө байланыштуу ад-ттын темасы да байыды. Ал турсун көпкө дейре эски адабий салттарды бекем тутуп келаткан айрым жазуучулардын (Абдулхак Бетаб, Халулла Халил ж. б.) да жанрдык диапазону м-н чыгылык методдору өзгөрдү.

А-дын аймагында архит. ж-а сүрөт искусствосунун эстеликтери б. з. ч. 4—3 миңинчи жылдарга таандык. Б. з. ч. 3—2-к-да А-дын Бактра, Баграм, Ай-Ханум деген ш-ларында эллиндик иск-во өнүгөт. Б. з. ч. 1-к-дагы ж-а б. з. ч. 8-к-дагы (Хаддада, Бамианеде) будда монастырларынын урандылары сакталып калган. О. кылым иск-восунун дагы көрүнүктүү эстеликтерден Бустадагы Лашкаргах ак сарайын (11-к.), Газнадагы мемориал мунаралар (12-к.), Жам кыштагына жакын жердеги мунара (1153—1202-ж. аралыгында), Гераттагы собор мечити (13-к-дын башталышы м-н 14-к.), Гераттагы Мусалла ансамблиндеги Гаухаршад күмбөзү ж-а мунарасы (1417—38), Балхадагы Хожа Абу Наср Парсанын мечит-күмбөзү (15-к.) ж. б. бар. 15-к-да Гератта миниатюра өнөрү күч алат (герат мектеби, Кемаледдин Бехзад, Касим Али). А-да металлды көркөмдөп чыгаруу, керамика ж-а килем токуу кылым бою өнүгүп келген. Азыр А-да коомдук ж-а турак жай имараттары (Кабул), гидротех. курулуштар катуу өсүүдө (архитекторлор: Сорадж, Абдулла Бренша). Сүрөт өнөрү (Абдулгафур Бренша, А. Тарзи, М. Хайдар) да өнүгүүдө. Кабулда колдонмо ж-а сүрөт өнөрүнүн мектеби иштейт. Афган музыкасы афган (пуштун), тажик, өзбек, түркмөн, белуж ж. б. ар түрдүү улуттардын чиеленген татаал муз. мад-тынан турат. А. музыкасы көп кылымдардан бери Индия ж-а Иран элдеринин ыр мад-ты м-н өз ара карым-катнашта өнүккөн. А-да 2 саптан турган ырлар (ландый) абдан кеңири таралган жанр болуп саналат. Муз. аспаптары: кылдуу-чертилме (тамбур, рубаб, дилрубаб), кылдуу жаа м-н тартылуучу (сарингай, гижак), кылдуу-урма (сантур, чанг), үйлөмө (сурнай, бинбажа, шпелый, тула), клавиштүү (армуния), ур-

Герат шаарындагы мечит.



ма (паккара, дамама, дарнал, дупра, долкай). Азыркы көрүнүктүү муз. ишмери — Касим Афган.

Мурда А-да кыдырып жүрүүчү куурчак театрлар ж-а үйрөтүлгөн айбандар м-н оюндар көрсөтүлчү. 20-к-дын 20-жылдары Кабулда 1-жолу өз демилгелүү театр пайда болгон. Кабулда «Похыни нындаре» (1940), «Ды Кабул нындаре» (1947) деген театрлар бар. А-дын окуу жайларынын алдында ышкыбоздордун труппалары иштейт. 30-жылдары афган драматургиясы түзүлгөн. Көрүнүктүү актерлору: Абдулкаюм Бесат, Рафик Садик ж. б. «Похыни нындаре» театрында студия бар, 1956-ж. Кабулда Театр мектеби ачылган.

Ад.: Современный Афганистан, М., 1960; Афганистан. Справочник, М., 1964; Пулляркин В. А., Афганистан. Экономическая география, М., 1965; Асланов М. Г., Афганский фольклор и его изучение в СССР, «Тр. Московского ин-та востоковедения», 1947, т. 5; Гирс Г., Литература Афганистана, М., 1963; Беляев В., Афганская народная музыка, М., 1960.



Афины шаары. Парламент үйү.

АФЕЛИЙ (гр. apó — алыскы, hélios — Күн) — планеталардын, кометалардын ж. б. асман телолорунун эллипстик орбиталарындагы Күндөн эң алыскы ж-а перигелийге карама-каршы жаткан чекити. Жер өзүнүн бир жылдык кыймылында А-ден июль айынын башында өтөт. Ал учурда Күндөн алыстыгы болжол м-н 152 млн. *км* ге барабар.

АФЕЛИНУС (Aphelinus mali) — хальцид (Chalcidae) тукумуна кирүүчү жаргак канаттуу мите. Денесинин уз. 1,2 *мм*. Ал Түн. Америкада көп. А. алма дарагынын коркунучтуу зыянкечи — көк битке өч, ошон үчүн ага каршы колдонулат. СССРге 1926—30-ж. алынып келинип, лаборат. жол м-н көбөйтүлгөн. Биринчи жолу Кавказда ж-а Украинада зыянкеч басып кеткен алма бактарына коё берилген. А. бул жерде алма көк битин жок кылуу үчүн өстүрүлүп жатат.

АФИНЫ — Грециянын борбор шаары, саясий, экон. ж-а маданий борбору. Эгей деңизинин жээгине жакын Аттика ж. а-да жайгашкан. Калкы 2,6 млн. (1971). Климаты жер ортолук деңиздик, январдын орт. темп-расы 9°С, июлдуку 27°С. Азыркы А. шаары жайгашкан жерге б. з. ч. 16—13-к-да адамдар отурукташа баштаган. А. байыркы Аттиканын ири экон., саясий ж-а маданий борбору болгон (к. *Афины Байыркы*). Ал б. з. ч. 146-жылдан Римге, 4-к-дан 1204-жылга чейин Византияга караган. 1458-ж. түрктөр басып алган. 1821—29-жылдагы улуттук-бошт. көтөрүлүшүнүн убагынан тартып, Грециянын админ. саясий ж-а маданий жактан башкы шаары, 1834-жылдан анын борбору болгон. 1941-ж. фаш. Германия басып алып, 1944-ж. бошотулган. А-нын ыңгайлуу трансп., геогр. абалы экономикасынын тез өнүгүшүнө шарт түздү. А. өлкөдөгү т. ж. ж-а автомоб. жолдорунун тоому, эл аралык аэропорту бар. А-га жакын жайгашкан (8 *км*) Пирей порту аркылуу Грециянын импортунун 70%, экспортунун 40% өтөт. А-да Грециянын ө. ж-нын ½ бөлүгү топтолуп, өлкөнүн бардык ө. ж. продукциясынын 70% берет. Кездеме токуу, кийим тигүү, металл иштетүү, металлургия, химия, полигр. ж. б. ө. ж. тармактары өнүккөн. Шаардын айланасында кеме верфи, нефтини кайра иштетүүчү, металлургиялык з-ддор бар.

А. ар түрдүү эстеликтерге бай. Античный ж-а о. кылымдагы Византия эстеликтери м-н кийин салынган жаңы курулуштардын бир бирине шайкеш келип турушу А. архитектурасын өзгөчө кооз кылып көрсөтөт. Перикл мезгилинде (б. з. ч. 444/443—429) дүйнөдөгү эң сонун архит. ансамблдин бири болгон. Акрополдун негизги имараттары Фидийдин жетекчилиги астында тургузулган. Пропилеи капкасы (б. з. ч. 437—432, арх. Мнесикл); Нике Алтерос (б. з. ч. 420, арх. Колликрат); Парфенон (б. з. ч. 447—438, арх. Иктин ж-а Колликрат); Зевс Олимпийский (б. з. ч. 175—164) храмдары, «Шаное мунарасы» ж. б. курулган. А-да ИАсы, ун-т, политех. ин-т, консерватория, соода ж-а саясий илимдердин жог. мектеби, Архит. ил. из. ин-т бар.

АФИНЫ АРХЕСИ, к. *Делос союзу*.

АФИНЫ Байыркы — Байыркы Грециянын тарыхында ж-а мад-тында Спарта м-н катар чоң роль ойногон шаар-мамлекет (полис). А-нын тарыхы бир нече доорго бөлүнөт. Эзелки А. (б. з. ч. 2 миңинчи жылдан 6-кылымга чейин). Археол. изилдөөлөр б-ча Микен доорунда эле Акрополдун айланасында чеп, дубал м-н курчалган алгачкы турак жайлар ж-а «дворец» салынган. Аттикадагы уруу общиналарында акырындап жердин көбү аристократтардын менчигине өткөн. Карыздар болгон дыйкандар жеринен гана эмес, эркиндигинен да ажыраган. Карыз эркин адамдарды кулга айландыруунун бир булагы болгон. Б. з. ч. 594—593-ж. Демостун кысымы астында *Солон* реформа жүргүзүп, ал б-ча дыйкандардын карыздары жоюлган ж-а эркин афиналыктарды карыз үчүн кулга айландырууга тыюу салынган ж. б. Бирок реформа негизги маселелерди чечпегендиктен, социалдык-саясий күрөш токтолгон эмес.

560-ж. чейде А-да саясий төңкөрүш болуп, Писистраттын тираниясы орнойт. Ал дыйкандардын, кол өнөрчү соодагерлердин кызыкчылыгын көздөгөн саясат жүргүзгөн. Анын тушунда А. тышкы саясат жагынан чоң ийгиликтерге жетишип, өзүнүн таасирин Эгей деңизиндеги бир катар аралдарга тараткан. А-да бийлик үчүн күрөш жүрө берген. Аристократтардын бийликти басып алууга аракеттенүүлөрү мамлекетте нааразылыкты күчөтүп, 508-ж. *Клисфен* башында турган демостун көтөрүлүшү жеңишке жетишкен. Клисфен жүргүзгөн реформа жеңишти бекемдеген, натыйжада уруулук түзүлүштүн акыркы калдыктары жок кылынып, кул ээлөөчүлөр табынын үстөмдүгүнүн аппараты катары мамлекеттин калыптануусу аяктаган. *Грек-Персия согушунда (б. з. ч. 500—449)* А. чоң роль ойногон. Иониялык шаарлардын көтөрүлүшүн колдоп, перстерди жеңди, грециялык мамлекеттердин коргонуу союзуна биринчилерден болуп кирди (490). А. *Делос союзун* (афиналык деңиз державасына айланган А-лык архепи) башкарып, кийин согуш аракеттерине жетекчилик кылууну бүт бойдон өз колуна алган. А-да ошол кездеги эң прогрессчил мамл. түзүлүш — байыркы кул ээлөөчүлүк демократия орнотулуп, *Перикл* убагында А. эң жог. гүлдөөгө жеткен, жог. бийлик элдик чогулушка өткөн. Мад-т гүлдөп, курулуш иши мыкты өнүккөн. Акрополь ансамбли дүйн. архитектуранын эң сонун үлгүсү болуп калды. Бирок А. державасынын ичиндеги карама-каршылыктар анын башка полистер м-н кагылышуусуна түрткү болгон ж-а бүткүл Грецияны бүлүнткөн *Пелопоннес согушунун (431—404)* чыгышына алып келген. Бул согушта А. жеңилип, Грециядагы өзүнүн мурдагы маанисин биротоло жоготкон. Эллин доорунда А-нын абалы бир нече жолу өзгөрүп, кээде узакка болбосо да, көз каранды эместикке жетишип, айрым учурда Македония гарнизон киргизип турган. Б. з. ч. 146-ж. А-да Рим үстөмдүгү орногон. 88-ж. А. Римге каршы кыймылга кошулган, 86-ж. римдик кол башчы Корнелий Сулла А-ны каратып, шаарды талап алат. Б. з. ч. 3-к-да Балкан Грециясына варварлар басып киргенден тартып, А. төмөндөй баштаган.

Ад.: Энгельс Ф., Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы, Фр., 1970; История древней Греции, под ред. В. И. Авдиева, А. Г. Бокщанина, М., 1972.

АФИША (фр. affiche — жарыя, afficher — көрүнөө коюу, илүү) — рекламанын бир түрү; спектакль, концерт, лекция, коомдук маанилүү маданий чаралар, спорттук мелдештер ж. б. ж-дө коомчулукка кабарлоо.

АФЛАТУН — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нундагы Кара-Суунун (Нарын алабы) оң куймасы. Уз. 35 *км*, алабынын аянты 863 *км*². Чаткал кырка тоосунун түш.-чыг. капталынан (4340 *м* бийиктиктен) башталат. Кар, мөңгү ж-а жаан-чачын сууларынан куралат.

Ортоңку ж-а жог. агымында кууш өрөөн бар. Жылдык орт. чыгымы 10,6 *м³/сек*, эң көбү (май айы) 23 *м³/сек*, эң азы (дек.-янв.) 5,6 *м³/сек*. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде *Афлатун* кыштагы орун алган.

АФЛАТУН — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нундагы Афлатун сельсоветине караштуу кыштак. Тельман атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Каравандан 25 *км* түн. тарапта. Наманган т. ж. станциясынан 90 *км*. Калкы 900 (1971). Орто мектеп, китепкана, оорукана, клуб ж-а медпункт бар.

АФОНТ ТООСУ — соңку палеолит доорундагы байыркы адамдардын турак жайы. Красноярск ш-нын жанында. 1884-ж. И. Т. Савенков ачкан. Казуу жумуштары 1923—25-ж. жүргүзүлүп, байыркы турак-жайлардын калдыктары, таштан, сөөктөн жасалган куралдар, мамонт, түн. бугусу, аюу өңдүү айбандардын сөөктөрү табылган.

АФОРИЗМ (гр. aphorismós — накыл сөз) — таамай, кыска, чукугандай айтылган ой. Түзүлүшү жагынан макал-ылакапка жакын. Бирок А-дин белгилүү бир автору болот. Горькийдин «Душман багынбаса, аны жок кылат», «Адам деген шаңдуу угулат» деген сөздөрү А-дин айкын мисалы.

АФРАСИАБ — Байыркы Самаркан (же Маракан) ш-нын урандысы, Согдиана мамлекетинин борбору — азыркы Самаркандын (Өзбек ССРи) түн. жагында, аянты 219 *га*. А-ды казуу иши 1874-ж. башталган. Кийин дагы бир нече жолу (ар кайсы жылдарда) изилдөө иштери жүргүзүлүп, б. з. ч. 6-к-дан монголдор талкалаганга чейин (1220) соодасы, кол өнөрчүлүгү, мад-ты өнүккөн ири шаарлардын бири болгондугу аныкталды. Казууда мечиттер, турак жайлар, 7—8-к-дагы хан сарайынын урандылары, андагы дубал беттерине тартылган сүрөттөр, жазуулар (1965-ж. ачылган), суу түтүктөр, кол өнөрчүлөрдүн устаканалары, мусулман динине чейинки оссуарилер, 10—13-к-да бышырылган саргыч кызыл чоподон жасалган статуялар, сырдалган карапалар, айнектер табылган.

Ад.: Вяткин В. Л., Афрасиаб — городище былого Самарканда, Самарканд, 1926; Шишкин В. А., Афрасиаб — сокровищница древней культуры, Таш., 1966.

АФРИГИД МАДАНИЯТЫ — Хорезмдеги археол. маданият (б. з. 4—8-к). Афригид династиясынын атынан аталган. Аф. м-нын тушунда байыркы шаарлар акырындап жоголо баштап, коомдук турмуштун борбору феодалдардын айылдык сепилдерине которулган. Ар бир короо сепил м-н курчалып, ага көп бүлөлүү патриарх. общиналар жайгашышкан. Аф. м-нын акыркы мезгилинде жаңы шаарлар пайда боло баштаган.

АФРИКА

Жалпы маалыматы. А. чоңдугу б-ча Евразиядан кийинки 2-материк. Аянты 29,2 млн. *км*² (аралдары м-н 30,3 млн. *км*²). Калкы 399 599 миң (1974). Экватор материкти ортосуна жакын жерден кесип өтөт. Анын эң түн. учу Эль-Абьяд тумшугу (түн. кеңдиктин 37°20′), түш. чети — Ийне тумшугу (түш. кеңдиктин 34°52′). Түндүктөн түштүккө 8 миң *км*, батыштан чыгышка 3100 *км* ден (түш. бөлүгү) 7500 *км* ге (түн. бөлүгү) чейин созулат. А-ны батыштан Атлантика океаны, чыгыштан Инди океаны, Кызыл деңиз, түндүктөн Жер Ортолук деңизи чулгап жатат. Кууш (120 *км*) Суэц мойногу А-ны Азия м-н туташтырып, Гибралтар кысыгы (эң кууш жери 13 *км*) аны Европадан бөлүп турат. Жээктери начар тилмеленген, көбүнчө тоолуу. Ири булуңдары: Гвинея ж-а Сидра; эң чоң ж. а-ы — Сомали. Жээгинин жалпы уз. 30500 *км*, А. материгине чыгышынан Мадагаскар, Комор, Маскарен, Амирант, Сейшель, Пемба, Мафия, Занзибар, Сокотра, батышынан Мадейра, Канар, Жашыл Тумшук, Аннобон, Сан-Томе, Принсипи, Фернандо-По, Вознесения, Ыйык Елена, Тристан-да-Кунья а-дары карайт.

Табияты. А-нын рельефинде түздүк, плато ж-а бөксө тоолор (200—1000 *м*) басымдуулук (67,1%) кылат, 9,8% ойдуңдуу, материктин орт. бийикт. 750 *м*. Экватордон түндүккө карай А-нын көпчүлүк бөлүгүн Сахара, Судан түздүктөрү ж-а платолору ээлейт. Сахаранын борб. бөлүгүндө Ахаггар м-н Тибести тайпак тоолору (Эми-Куси чокусу, 3415 *м*), Суданда Дарфур платосу (Марра чокусу, 3088 *м*), Сахаранын түн.-батышында Атлас тоолору (Тубкаль чокусу, 4165 *м*), чыгышында Кызыл деңизди бойлой Этбай кырка тоосу (Ода чокусу, 2259 *м*) созулуп жатат. Судан түздүктөрү түштүгүнөн Түн. Гвинея дөңсөөсү (Бинтимани чокусу, 1948 *м*) ж-а Азанде бөксө тоолору м-н курчалган. А-нын түн.-чыгышында Эфиопия тайпак тоолору (Рас-Дашан чокусу, 4620 *м*), андан түштүктү карай Чыг. Африка бөксө тоолору (Килиманджаро чокусу, 5895 *м*) созулуп жатат. Материктин түш. четинде Ажыдаар (3482 *м*) ж-а Кап тоолору орун алган.

Геологиялык түзүлүшү жана пайдалуу кендери. А-нын көпчүлүк бөлүгү байыркы платформа болуп эсептелет (к. *Африка платформасы*). Кембрийге чейинки мезгилдеги тоо тектерден турган бул Афр.-Аравия платформасынын фундаменти А-нын бир топ жерлеринде учурайт. Фундаменттин составында байыркы архейден тартып, протерозойдун аягына чейинки метаморфизмделген тоо тектер кезигет. Платформанын фундаментинин көпчүлүк бөлүгү протерозойдун орто ченинде пайда болуп, палеозойдун башында анын азыркы аймагы туруктуу абалга келген. Фундаменттин байыркы катмарларын түзүүчү тоо тектерге кристаллдуу сланец, гнейс, метаморфизмделген жанар тоо тектери ж-а граниттер кирет. Бүктөлүүгө дуушар болгон палеозойдун башында ж-а ортосундагы деңиз чөкмөлөрү, негизинен Сахара плитасында, Атлас м-н Кап геосинклиналдарында жолугат. Палеозойдун акырында ж-а триас мезгилинде континенттик чөкмөлөр пайда болгон. Алар экватордук ж-а Түн. А-да карбон мезгилинин акыры м-н пермдин башталышына таандык болгон мөңгү чөкмөлөрү м-н башталып, пермдин көмүрлүү чөкмө тоо тек катмарлары м-н аяктайт. Түн. А-да көмүрлүү катмарлар таш көмүр мезгилинин ортоңку бөлүгүнө туура келет. Анын үстүндө кызыл түстүү континенттик ж-а лагуна чөкмөлөрү жатат. Юра мезгилинин башында жанар тоолордун ири атылыштары жүрөт ж-а базальттуу магма интрузиялары пайда болот. Алар Түш. А-да айрыкча көп тараган. Юра ж-а бор мезгилинин башталышында А-нын көпчүлүк бөлүгү жогору көтөрүлүүгө учурап, ички ойдуңдарда континенттик чөкмөлөр топтолгон. Бул мезгилдин ичинде Индия, Атлантика океандарынын түп жактары төмөн чөгүп, океан жээктеринде терең ойдуңдардын (Нигерия, Габон, Ангола ж. б.) пайда болушу м-н материк азыркы кездеги түспөлгө келген. Палеозой заманынын акырында эле Мадагаскар материктен бөлүнүп, азыркы Тунис, Ливия, ЕАРдын аймактары төмөн чөккөн. Бор мезгилинин орто чени м-н аягында Сахара плитасын суу каптап, Жер Ортолук деңизи м-н Гвинея булуңун бириктирип турган кысыктар пайда болот. Эоцендин акырынан олигоцендин башталышына чейин материктин жогору көздөй ылдам көтөрүлүшүнүн натыйжасында тоолуу рельеф, Чыг. Афр. жаракасы ж-а бир топ жерлерде рифтер-грабендер пайда болгон. Ушул эле мезгилде жанар тоолордун атылуулары башталып, кээ бир жерде алар азыр да басыла элек (Кения, Килиманджаро ж-а Вирунги р-нундагы жанар тоо-

Гвинея. Атлантика океанынын Конакри шаарына жакын жээги.



лор). Миоцендин акырында Атлас тоосунун бүктөлүүлөрү пайда болуп, плиоценде болсо, анын борб. бөлүгү Жер Ортолук деңизинин Альборан ойдуңундагы терең жаракалар б-ча төмөн чөгө баштаган.

А. пайдалуу кендерге өтө бай. Анда темир, марганец, хромит, кобальт, фосфорит, калай, сурьма, литий, уран, асбест, алтын (А. капит. ж-а өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн казылып алынган алтындын 80%ин берет), платина ж-а платиноиддердин (60%ке жакынын), алмаз (98%) кендеринин мол запастары бар. 2-дүйн. согуштан кийин А-да (негизинен Алжир, Ливия, Нигерия ж. б.) нефть м-н газдын ири кендери табылган.



Дүйнөдөгү эң ири шаркыратмалардын бири — Виктория шаркыратмасы 120 *м* бийиктиктен агып түшөт.

Климаты. А. экватордон түндүккө ж-а түштүккө карай бирдей климаттык алкактарга бөлүнөт: экватордук (8° түн. кеңдиги м-н 2° түш. кеңдиктин ортосунда) климаттан кийин субэкватордук (экватордук-муссондук; батышта 16° түн. кеңдиктерге чейин), тропиктик (түн. ж-а түш. кеңдиктердин 30°на чейин), субтропиктик (материктин түн. ж-а түш. четтеринде) климаттар болуп алмашат. Экватордун түндүгүндө жай болгон кезде анын түштүгүндө кыш мезгили же тескерисинче болот. А.— жер шарындагы эң ысык материк. Анын көп бөлүгү ысык алкакта орун алып, анда күн жыл бою горизонттун үстүндө бийик турат да, жылына 2 ирет зенитте болот. Түн. жарым шарда жай (июнь—август) айларында Сахара (бат. бөлүгүнүн жылдык орт. темп-расы 35°ка жетет) ж-а Судан аябай ысыйт. Материктин түш. бөлүгү, тескерисинче, муздайт (четки түштүктө жылдык орт. темп-ра 12°). А-нын аймагында жаан-чачын бирдей жаабайт. Конго ойдуңу м-н Гвинея булуңунун түн. жээктеринде жылына 1500—2000 *мм*; ал эми Камерун тоолорунда 10 миң *мм* ге чейин жаайт. Калган райондордо, экватор ж-а Инди океанынан алыстаган сайын жаан-чачын (1500 *мм* ден 200 *мм* ге чейин) азаят. Сахарада, Калахаринин түш.-батышында ж-а Намиб чөлүндө жамгыр аз жаагандыктан (жылына 100—200 *мм*), кургак чөл ландшафттары басымдуу.

Ички суулары. А. дарыяларынын жылдык агымынын көлөмү б-ча (5390 *км*³) Азия м-н Түн. Америкадан кийин турат. Экваторго жакын дарыя тармактары өтө жыш, ал эми чөлдөрдө жокко эсе. Дарыялары Атлантика океанына (А-нын аянтынын 36,05%), Инди океанына (18,48%) ж-а Жер Ортолук деңизине (14,88%) куят, алардын прилери: Конго, Нил (дүйнөдөгү эң узун дарыя 6671 *км*), Нигер, Замбези ж-а Оранж. Дарыялар негизинен жаандан ж-а жер астындагы суулардан куралат. Нуктарында босоголор (Нил босоголору) ж-а шаркыратмалар (Замбези д-дагы Виктория, Конгодогу Стэнли ж-а Ливингстон) көп. Ири көлдөр көбүнчө Чыг. А-да: Альберт, Эдуард, Киву, Танганьика (терең. б-ча дүйнөдө Байкал көлүнөн кийинки көл, 1435 *м*), Виктория (аянты 68 000 *км*²), Тана ж. б. Гидроэнергет. запасы (700 млн. *квт*, дүйн. запастын 20%) б-ча Азиядан кийин 2-орунда турат, бирок анын 1% гана пайдаланылат.

Топурагы жана өсүмдүктөрү. А-нын топурагы, өсүмдүктөрү зоналар б-ча жайгашкан. Нымдуу Гвинея булуңунун түн. жээгин ж-а Конго ойдуңунун баарын латерит топурагы каптап, дайыма көгөрүп туруучу калың экватор токойлору ээлейт. Бул токойлор көп түрдүүлүгү м-н айырмаланат ж-а эпифитке бай. Жамгыр көп жааган райондорун сейрек өсүүчү саванна токою, саванналар (тропик токойлуу талаа) ж-а тикенектүү бадалдар ээлейт. Кургакчыл жылдарда дан өсүмдүктөрү куурап, дарактар жалбырагын күбүйт. Саванналар кызгылт ж-а кызгылт күрөң топурактуу келип, бак-дарактардан пальма, баобаб, акация, сүт тикен ж. б. өсөт. Саваннанын басымдуу бөлүгү айдоо ж-а жайыт катары пайдаланылат. Чөлдөрү (Сахара, Намиб) боз топурактуу, өсүмдүктөрү өтө сейрек. Сахарада — ксерофиттер: төө куйрук, жалбыраксыз ретам бадалы, леконора эңилчеги; кургак өзөндөрдү (вади) бойлой—жылгын, акация ж. б. дарактар, ал эми оазистерде пальма өсөт. Калахари чөлүнүн түш.-батышында суккуленттер, Намиб чөлүндө вельвичиялар басымдуулук кылат. А-нын субтропиктик түн. ж-а түш. четтери күрөң топурактуу келип, дайыма көгөрүп туруучу калың бадалдар м-н капталган. Күрөң топурактуу тоолордун капталдарында жазы ж-а ийне жалбырактуу токойлор өсөт. А-да гүлдүү өсүмдүктөрдүн 40 миң түрү ж-а 3700 уруусу бар. Материктин түндүгү Голарктика, Сахарадан түштүккө карай Палеотропиктик, түш.-батышы Кап флоралык обл-на кирет.



Танзания. Дүйнөдөгү эң чоң корук—Серенгети. Окумуштуулардын эсеби б-ча мында 400 миңден ашык зебр бар.

Жаныбарлар дүйнөсү. А. жаныбарларга эң бай. Түн. А. ж-а Сахара Голарктиканын Жер Ортолук деңиз областчасына, калган бөлүгү Эфиопия обл-на кирет. Жер Ортолук деңиз областчасында гиена, виверра, куйруксуз маймыл, коён, тоодак, антилопа, газель, фенек түлкүсү ж. б., Эфиопия обл-да пил, доңуз, окапи, кодоо бегемот, буйвол, кууш тапоолуу маймыл, төө куш ж-а ар түрдүү куштар жашайт. Сахарада нарлар асыралат. Коңуз, көпөлөктөр көп. Саванналарда, жарым чөл ж-а чөлдөрдө ири туяктуулар; (антилопа, зебр, жираф, носорог, буйвол, пил) м-н жырткычтар (арстан, кабылан, сүлөөсүн, гепард, гиена) кездешет. Термит, цеце чымыны өңдүү курт-кумурскалар көп. Жоголуп бараткан ж-а сейрек учуроочу жаныбарлар үчүн азыркы кездеги коруктар (Улуттук парктар) уюштурулган.

Табигый райондору. А. табигый шартына ылайык 8 ири физ.-геогр. р-нго бөлүнөт: **Атлас тоолору** — айдарым капталдарынын ландшафты ж-а климаты б-ча жер ортолук деңиздик типке кирет, ички кургак р-ндордо жарым чөлдүү. **Сахара** — жер шарындагы тропиктик чөлдөрдүн эң чоңу. Жери таштак, чополуу келип, өсүмдүктөргө өтө жарды. **Судан** — түздүктүү саванна өлкөсү, жайы нымдуу, кышы кургак. **Түндүк Гвинея дөңсөөсү.** Африка платформасынын келки горст тоолору м-н дөңсөөлөрдүн өтө нымдуу айдарым түш. капталдарын дайыма көгөрүп туруучу токойлор, түн. кургак капталдарын аралаш токойлор каптап жатат. **Эфиопия тайпак тоосуна** (Афар ойдуңу м-н Сомали ж. а. кошо) бийиктик алкактуулук мүнөздүү, ички тоолордогу ж-а жээктериндеги дайыма көгөрүп туруучу токойлор саванна ж-а жарым чөлдөр м-н алмашат. **Конго чуңкурдугу** экватордук ж-а субэкватордук климаттык алкактарда жатып, ным-



Африканын айбанаттары: 1—арстан; 2—карыш кулак түлкү; 3—кабылан; 4—кош мүйүздүү керик; 5—африка пили; 6—бегемот; 7—зебра; 8—жираф; 9—даман; 10—бейза антилопасы; 11—канна антилопасы; 12—африка буйволу; 13—сөөлдүү доңуз; 14—куду антилопасы; 15—окапи, 16—гну антилопасы; 17—горилла; 18—түтүк тиш; 19 — мандрилл; 20 — темгил гиена; 21 — түктүү бака; 22 — мартышка; 23 — африка төө кушу; 24 — бүркүт турна; 25 — хамелеон; 26 — нил крокодили; 27 — марабу.

дуу, дайыма көгөрүп туруучу ж-а аралаш токойлор басымдуулук кылат. Чыгыш А.— Абиссиния тайпак тоосунан Замбези д-на чейинки бийикт. 1000 *м* ге жеткен тайпак тоолор ж-а платолор. Түштүк А.— Конго — Замбези суу бөлгүч платосунан түштүктө жаткан Калахари чөлүнүн аймагы.

Географиялык ачуулар жана изилдөөлөр. А. эзелтен бери эле Түш. Европа ж-а Түш.-Бат. Азия элдеринин көңүлүн буруп келген. Финикиялыктар, гректер ж-а римдиктер А-нын түн. жээгин жакшы билишкен. Финикиялыктар б. з. ч. 6-к-да деңиз аркылуу А-ны айланып өтүшөт. Римдиктер Сахарага экспедиция жасашкан. Б. з. 1-к-нан баштап А-нын чыг. жээктерине арабдар ж-а инд. соодагерлер келе баштады. 15-к-да португалиялыктар Индияга деңиз жолун табуу максатында А-ны жээктей кыдырып, материктин түш. чети — Илгери Үмүт тумшугуна (1487) жетишет. 1498-ж. португалиялык деңиз саякатчы Васко да Гама 1-болуп Түш. А-ны айланып өтүп, Индостан ж. а-на жетет. 16—17-к-да португалиялык, англ., франц. ж-а голл. саякатчылар А-нын жээктерин, дарыяларын (Көк Нил, Конго, Сенегал ж. б.) ж-а айрым ички райондорун (Ньяса көлү, Чоң Карру платосу ж. б.) изилдешет. 18-к-дын аягынан тартып бат. европ. капиталисттер А-нын терр-ясын басып алууга, анын табигый байлыктарын ж-а калкын кеңири масштабда эксплуатациялоого өтөт. Ушул максатта Сахара, Чад, Судан, Конго, Нигер ж. б. жерлерге көп сандаган экспедициялар жөнөтүлөт. 19-к-да бир катар саякатчылар А-ны түндүктөн түштүктү (француз Р. Кайе, 1818—27; немец Г. Барт, 1849—55) ж-а батыштан чыгышты (немец Г. Нахтигаль, 1869—74; француз Ж. Маршан, 1898 ж. б.) карай кесип өтөт. Борб. ж-а Түш. А-ны изилдөөгө өзгөчө англичан Д. Ливингстон (1841—73), орус окумуштуусу В. В. Юнкер (1876—86) ж. б. зор эмгек сиңиришкен. 20-к-да, өзгөчө колон. бийликти кулатып, эркин улуттук мамлекеттер түзүлгөндөн бери табигый ресурстарды изилдөө ж-а пайдалануу жерг. илимий ж-а өндүрүштүк мекемелердин колуна өтүп жатат. А-нын табияты, калкы, чарбасы, өлкөлөрү, материктин айрым р-ндору ж-дө атайын ар түрдүү карталар түзүлүп, көп сандаган эмгектер жазылган.

Кения. Лур уруусунун жоокери.



Калкы. 17-к-дын ортосунда А-да дүйнөдөгү калктын 1/5 бөлүгү жашаса, кул сатуучулук ж-а колонизатордук режимдин күчөшүнүн негизинде анын калкы өтө азайып кеткен. 1940-ж. А-нын үлүшүнө дүйн. калктын 8% гана туура келген. Азыркы мезгилде 399,6 млн. киши (1974, планетадагы калктын 9,5% ке жакыны) жашайт.

Антропологиялык составы. А-нын калкы антроп. жактан ар түрдүү. Европеоид расага Сахаранын түндүгүндөгү арабдар, берберлер; экватордук (негр-австралоиддик) расага Сахаранын түштүгүндөгү негр, негрилл (пигмейлер) ж-а бушмен раса тибиндеги элдер кирет. Эфиопия м-н Сомали ж. а-да эфиоп (Чыг. А.) расасына жатуучу элдер жашашат. Мадагаскар а-нын эли негрлер м-н түш. азиялык расалардан турат.

Саясий бөлүнүшү. Улуттук-бошт. кыймылдын жеңиштери А-нын саясий картасын түп тамырынан бери өзгөрттү. 1974-жылга чейин А-да көз каранды эмес мамлекеттердин саны 44кө жетти. Колон. режимдин астында жалпы аянты 2,3 млн. $км^2$ (Африканын аянтынын 8%), калкы 16,8 млн. болгон терр-я калып жатат. Түш. Афр. Респ-касы м-н Түш. Родезия расисттик өкмөттөрү көпчүлүк афр. элдер үчүн каардуу дискриминациялык диктатордук режим орнотту. ООНдун чечимине карабастан Түш. Афр. Респ-касы Намибияны (Түш. Бат. Афр.) законсуз оккупациялап келе жатат. А-нын колон. элдери импер. эзүүгө каршы бошт. ж-а улуттук көз каранды эместик үчүн тайманбастан күрөшүп жатышат.

Африканын саясий бөлүнүшү (1972-ж. маалымат б-ча)

Мамлекеттер	Аянты (миң $км^2$)	Калкы (миң киши)	Борборлору же админ. борборлору.
Көз каранды эмес мамлекеттер			
Алжир	2382	15300	Алжир
Ангола	1246	5600	Луанда
Борб. Афр. Респ-касы	617	2255	Банги
Ботсвана	600,4	690	Габороне
Бурунди	27,8	3400(1970)	Бужумбура
Габон	267,6	670(1973)	Либревиль
Гамбия	11,3	494(1973)	Банджул
Гана	238,5	9300(1973)	Аккра
Гвинея	245,8	5200	Конакри
Гвинея-Бисау Респ-касы	36,1	480(1970)	Бисау
Дагомея	112,6	2800	Порто-Ново
Египет Араб Респ-касы	1001,4	36000	Каир
Жогорку Вольта	275	5400	Уагадугу
Заир	2345,4	2300	Киншаса
Замбия	752,6	4635	Лусака
Камерун	475	5800(1970)	Яунде
Кения	582,6	12482(1973)	Найроби
Конго (Конго Эл Респ-касы)	342	1040(1973)	Браззавиль
Лесото	30,3	1130(1973)	Масеру
Либерия	111,5	1500(1974)	Монровия
Ливия	1760	2257(1973)	Триполи
Маврикий	2,1	860(1973)	Порт-Луи
Мавритания	1031	1500(1973)	Нуакшот
Малави	125	4666	Зомба
Малагаси Респ-касы	596	7800(1271)	Антананариву
Мали	1204	5200(1970)	Бамако
Марокко	444	15234(1974)	Рабат
Нигер	1189	4127	Ниамей
Нигерия	878	79700(1973)	Лагос
Пил Сөөктүү Жээк	322,5	5300	Абиджан
Руанда	26,4	3500	Кигали
Свазиленд	17,4	450(1971)	Мбабане
Сенегал	197	4000(1973)	Дакар
Сомали (Сомали Демокр. Респ-касы)	638	2900(1973)	Могадишо
Судан	2500	16700	Хартум
Сьерра-Леоне	72,3	2630	Фритаун
Танзания	941,6	14300(1973)	Дар-эс-Салам
Того	56,6	2100	Ломе
Тунис	164	5500(1974)	Тунис
Уганда	236	10000	Кампала
Түш. Афр. Респ-касы	1223	22987	Претория
Чад	1284	4000	Нджамена
Экватордук Гвинея	28,05	300	Малабо
Эфиопия	1222	25900	Аддис-Абеба
Колониялар.			
Түш. Родезия (Улуу Британия)	389,4	5690	Солсбери
Ыйык Елена аралы (Улуу Брит.)	0,4	6,3	Джеймстаун
Сейшель аралдары (Улуу Брит.)	0,4	54(1971)	Виктория
Сомали (Франц.)	22	137	Джибути
•Комор аралдары (Франция)	0,2	280(1970)	Морони
Реюньон (Франция)	2,5	450	Сен-Дени
•Жашыл тумшук аралдары (Португалия)	4,03	272(1970)	Прая
•Мозамбик (Португалия)	783	8200(1970)	Лоренсу-Маркиш
•Сан-Томе ж-а Принсипи аралдары (Португалия)	0,964	76(1971)	Сан-Томе
Түн. Африкадагы Испаниянын ээликтери	0,03	161(1970)	
Сахара Батыш (Испания)	266	51	Эль-Аюн
ООН камкордук кылчу жерлер			
Намибия	824,3	765	Виндхук.

•1975-ж. көз карандысыздык укугун алган өлкөлөр (Комор аралдары, Жашыл Тумшук аралдары, Мозамбик, Сан-Томе жана Принсипи аралдары).

Ад.: Физическая география частей света, М., 1963; Шокальская З. Ю., Почвенно-географический очерк Африки, М.—Л., 1948; Моретт Ф., Экваториальная, Восточная и Южная Африка, пер. с франц., М., 1951; Барков А. С., Африка, М., 1953; Дмитревский Ю. Д., Внутренние воды Африки и их использование, Л., 1967; Климаты Африки, Л., 1967; Дю-Тойт А. Л., Геология Южной Африки, пер, с англ., М., 1957; Африка. Энциклопедический справочник, т. 1—2, М., 1963.

АФРИКА БИРИМДИГИ УЮМУ (АБУ) — Африкадагы көз каранды эмес мамлекеттердин бирикмеси. 1963-ж. май айында Аддис-Абебада (Эфиопия) континенттеги көз каранды эмес 31 мамлекеттен өкүлдөр катышкан конф-яда негизделген. 1972-жылдын аягында бирикмеге 41 мамлекет кирген. Уюмду негиздеген конф-яда кабыл алынган хартияда АБУ Африканы колониализмден тезирээк ж-а толук азат кылуу үчүн, о. эле неоколониализмдин бардык көрүнүштөрүнө каршы күрөшүү үчүн континенттеги өлкөлөрдүн күч-аракеттерин макулдаштыруу ж-а ар тараптан кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн түзүлдү деп белгиленген. Хартия б-ча Африкадагы көз каранды эмес ар бир мамлекет уюмга мүчө боло алат. Жог. органы — Мамлекет ж-а өкмөт башчыларынын ассамблеясы (жылына бир ирет чакырылат). Жог. аткаруу органы — Мин. совети (буга тышкы иштер министрлери кирет, сессия жылына эки ирет чакырылат). Ассамблеялардын ж-а Мин. советинин сессияларынын аралыгында уюмдун күндөлүк жумушун Ген. секретариат жүргүзөт.

АФРИКА ПЛАТФОРМАСЫ, Африка-Араб платформасы — Африка континентин (Атлас м-н Кап тоолорун кошпогондо), Араб ж. а-нын (Оман тоосунан башкасы) ж-а Мадагаскар, Сейшель а-дарын кучагына алган, кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон байыркы *платформа.* Геол. түзүлүшүн ж-а пайдалуу кендери ж-дө к. *Африка.*

АФРИКА ТААНУУ, африканистика — Африка элдеринин экономикасын, социалдык-саясий проблемаларын, тарыхын, укугун, коомдук ой-пикиринин өнүгүшүн, этнографиясын, тилин, ад-тын, иск-восун үйрөнүүчү илим комплекси. Африка ж-дөгү алгачкы маалыматтар европ. ад-тта байыркы заманда эле гректер м-н римдиктердин жазып кеткендеринен белгилүү болгон. Африкадагы элдер, алардын үрп-адаттары, кесипчилиги ж-а табигый байлыгы ж-дөгү маалыматтар о. азиялык энциклопедист-окумуштуулар Ахмад Фаргоний, Абу Райхан Бируни, Махмуд Кашгарилердин эмгектеринде да учурайт. Бурж. изилдөөчүлөр колониализмди актоо үчүн Африканын элин тарыхый эл эмес, өзүнчө цивилизацияга жетише алышпайт деп жарыялашкан. 2-дүйн. согуштан, бөтөнчө Африка өлкөлөрүнүн көбү көз карандылыктан кутулгандан кийин, Бат. Европа ж-а АКШда А. т. дүркүрөп өсө баштады. Африка проблемалары АКШда (150 ири борбор), Англияда (100дөн ашык ил. изилдөө уюму), Францияда (70тен ашык уюм) ж. б. капит. өлкөлөрдө изилденүүдө. Африка элдеринин улуттук-бошт. кыймылынын күчөшү бурж. А. т. илимин өз позициясын өзгөртүүгө мажбурлап жатат. Бурж. окумуштуулардын арасында расизмди ж-а колониализмди жактоочулар улам азаюуда. 2-дүйн. согуштан кийин Африканын өзүндө да А. т. жолго коюлду. Бир катар афр. мамлекеттерде улуттук ил. мекемелер м-н жог. окуу жайлары уюштурулуп, жерг. окумуштуулар өсүп чыкты. 1960-ж. Чыгышты изилдөөчүлөрдүн 25-эл аралык конгрессинин Москвадагы секциясы африканисттердин эл аралык конгрессин түзүү ж-дө чечим чыгарды. Натыйжада анын 2 конгресси (1-си 1962-ж. Аккрада, 2-си 1967-ж. Дакарда) болуп өттү. Орус саякатчыларынын Африка ж-дөгү маалыматтары 17-к-дын 30-жылдарына таандык, 1786-ж. орус саякатчысы М. Г. Коковцевдин Африка ж-дөгү ил. эмгеги жарыяланган. 1790—91-ж. ИАнын «Бардык тилдердин жана наречиелердин салыштырма сөздүгү» деген эмгекте айрым афр. тилдер да киргизилген. 19-к-да орус саякатчылары Е. П. Ковалевский, В. В. Юнкер, А. К. Булатовичтер Африканын географиясы м-н этнографиясын изилдөөгө зор салымдар кошту. Чыгыш таануу окумуштууларынан Б. А. Тураев, А. С. Голенищев, В. В. Болотовдор Африка элдеринин тарыхы м-н мад-тын изилдөөдө көп иштерди жүргүздү. Окт. революциясынан кийин Африка проблемасы СССР ИАнын Тил ж-а ой жүгүртүү ин-ту м-н Этногр. ин-тунда, ЛГУнун Чыгыш ин-тунда изилдене баштады. 2-дүйн. согуштан кийин А. т. СССРде ого бетер өнүктү. Айрым борб. жогорку окуу жайларында афр. тилдери кафедралары ачылып, бир катар ил. институттарда изилдөө иши кеңири өөрчүүдө. Сов. А. т-да И. Ю. Крачковский, Н. В. Юшманов, В. В. Струве ж. б. кошкон салымдар зор. Африканын дүйн. саясаттагы ж-а дүйн. экономикадагы ролу өскөн сайын сов. А. т-га коюлуучу талап күчөп жатат. 1959-ж. Москвада СССР ИАнын Африка ин-ту уюштурулду. «Азия и Африка сегодня», «Народы Азии и Африки» сыяктуу журналдарда Африкага тиешелүү маанилүү маселелер басылып турат.

Ад.: Африка в советских исследованиях, т. 1, в. 2, М., 1968; Магидович И. П., Очерки по истории географических открытий, М., 1957; Народы Африки, М., 1954.

АФРИКА ТИЛДЕРИ — Африканын жерг. элдеринин түрдүү тилдик топторго кирүүчү тилдеринин жалпы аты. Семит-хамит семьясына кирүүчү тилдик топтор: 1) семит тилдеринен араб тили (Марокко, Алжир, Тунис, Ливия, Египет, Судан, Мавритания, Чад Респ-касы), эфиопия тилдеринен: геэз, амхара, тигринья, тигре, харари, гураге, аргобба, гафат; 2) бербер тилдери (Түн. Африканын бат. бөлүгү); 3) кушит тилдеринен: галла, сомали, афар, сахо, сидама ж. б. (Кызыл деңиздин жээги, Эфиопия, Сомали); 4) чад тилдери — хауса, ангас, болева, логоне, музгу ж. б. (Түн. Нигерия, Түш. Нигер, Түн. Камерун ж-а Бат. Чад); 5) христиан дининдеги коптордо чиркөө тили катары сакталган копт ж-а байыркы египет (өлүү) тилдери. Семит-хамит тилдеринде 120 млн-дон ашык адам сүйлөйт. Нилдин башкы ж-а ортоңку жээгинде нилот тилдеринен нуэр, динка, шиллук, ангуак, луо, бурун, бари, масаи, карамоджо, тесо, сук, нанди, татог, нубия тили ж. б. (10 млн-го жакын адам сүйлөйт) таралган. Борнунун ж-а Чад көлүнүн түндүгүндө жашаган калктар канури, теда, канембу, загава, дазза ж. б. канури-тед тилдеринде (3,5 млн-го жакын адам) сүйлөшөт. Африка материгинин борб. ж-а түш. бөлүгүнүн элдери банту тилдеринде (88 млн-го жакын адам, 1967) сүйлөшөт. Банту сымал тилдери (31 млн. адам сүйлөйт) Нигерияда, Камерунда ж-а Бат. Африка өлкөлөрүндө; манде тилдери (9 млн-го жакын адам сүйлөйт) Гвинея, Мали Респ-каларында, Либерия, Сенегалда, Гамбияда, Сьерра-Леондо, Пил Сөөгүнүн Жээгинде, Гвинея-Бисауда кеңири таралган. Гвинея жээгинде ква тобундагы тилдерде сүйлөгөн (34,5 млн-го жакын адам) элдер жашайт. Койсан тилдеринде (150 миңден ашык адам) Түн. ж-а Чыг. Африкадагы бушмендер м-н готтентоттор; Европадан көчүп баргандар (5 млн-дон ашык адам) герман (Бат. Африка) ж-а роман (Түн. Африкада) тилдеринде сүйлөшөт.

Ад.: Дюбуа У., Африка. Очерк по истории африканского континента и его обитателей, пер. с англ., М., 1961; Африканское языкознание, М., 1963; Численность и расселение народов мира, под ред. С. И. Брука, М., 1962; Атлас народов мира, М., 1964.

АФРИКА ЭЛДЕРИНИН КОНФЕРЕНЦИЯЛАРЫ. 1-конференциясы 1958-ж. декабрда Аккра (Гана) ш-да болгон. Ага континенттеги 27 мамлекеттен саясий партиялардын, профсоюздардын 62 жетекчиси катышкан. Конф-я Африкадагы бардык элдердин саясий көз каранды эместигине жетишүү үчүн күрөшкө чакырган ураан м-н өткөн. 2-конференциясы 1960-ж. январда Тунисте болуп, ага континенттеги 30 мамлекеттен 70тен ашык саясий, профсоюздук ж. б. коомдук уюмдардын өкүлдөрү келген. Конф-янын негизги маселелер б-ча чечимдеринде Африка элдеринин баарына тез арада ж-а сөзсүз көз каранды эместикти берүү талабы коюлуп, Африка банкы түзүлсүн деп сунуш кылынган. 3-конференциясы

1961-ж. мартта Каирде (Египет) континенттеги 32 мамлекеттен келген 67 саясий, профсоюздук ж. б. коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу м-н өткөрүлгөн. Неоколониализмге каршы күрөш бул конф-яда негизги маселелердин бири катары каралган. Өткөн 3 конф-янын баарына Африкадан тышкары бир катар өлкөлөрдөн, алардын ичинде СССРден да делегациялар байкоочу болуп катышкан. Африканын боштондукка чыккан ж-а колон. көз карандылыктагы өлкөлөрүнүн өкүлдөрү да катышкан бул конф-ялар улуттук-бошт. кыймылынын өнүгүшүндө маанилүү роль ойноп, континенттеги антиимпер., антиколон. күчтөрдүн аракеттерин бириктирүүдө тарыхый этап болуп калды.

АФРИКАДАГЫ КӨЗ КАРАНДЫ ЭМЕС МАМЛЕКЕТТЕРДИН КОНФЕРЕНЦИЯЛАРЫ бүткүл континенттеги көз каранды эмес өлкөлөрдүн кызматташтыгын уюштуруу максатында чакырылган. 1-конф-ясы 1958-ж. апрелде Аккра (Гана) ш-да 8 мамлекеттин жетекчи ишмерлеринин катышуусу м-н өткөн. 1964-жылга чейинки мезгилде Африкадагы көз каранды эмес өлкөлөрдүн 8 конф-ясы болгон. Аларга мамл. башчылары м-н өкмөт башчылары, саясий партиялардын, дагы башка коомдук уюмдардын өкүлдөрү катышкан. Конф-ялардын чечимдеринде тынчтыкты жактоого, ООНдун Уставынан ж-а *Бандунг конференциясынын* принциптеринен тайбоого, континенттеги өлкөлөрдүн көз карандысыздыгын ж-а суверенитетин коргоого Африка элдеринин умтулгандыгы жарыяланган, о. эле аларда колониализмди жоюу ж-а неоколониализмге жол бербөө, расалык кемсинтүүнү жок кылуу, экон. өнүгүүнүн чаралары ж. б. маселелер талкууланган. Континенттеги мамлекеттерде өз ара саясий пикир келишпестиктер чыгып, айрым топтор түзүлгөнүнө байланыштуу жалпы Африка б-ча конф-я чакыруу мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, 1963-ж. майда Аддис-Абебада (Эфиопия) өткөн конф-яда *Африка биримдиги уюму* негизделген.

АФРИКАНТРОП—афр. байыркы адам же эясилик адам, палеоантроптор өкүлү. А-тун 3 баш сөөгүнүн бөлүктөрү 1935—38-ж. Танзаниядагы Эяси көлүнүн чөкмөсүнөн табылган. Сөөктөр м-н кошо таштан жасалган куралдар да чыккан. Анат. жактан А. Африканын ж-а Европанын байыркы палеоантропторуна окшош.

АФРОДИТА—байыркы грек мифологиясындагы сулуулук м-н сүйүүнүн кудайы, Зевстин кызы. Чыгыш теги ж-а мүнөзү жагынан Финикиянын кудайы Астартага жакын. Римдиктер аны Чолпон (Венера) деп аташкан. А-га сыйынуу К. Азияга, Кипр а-на, Балкан ж. а-на ж-а Грецияга тараган.

Афродита (Венера) Милосская. Мрамор. Б. з. ч, 2-к. Лувр, Париж.



АФТЫ (гр. áphthai — жарача) — ооздун былжырлуу челинин бетине чыгуучу майда жара. А. грипп, ичегикарын, шарп ооруларынын кабылдап кетишинен, кээде өзүнчө да пайда болот. А-лар бири бирине кошулса, чоң жарага айланып, денении температурасы көтөрүлөт, тамак чайнаганда, сүйлөгөндө кыйынчылык келип, ооздон шилекей агат, лимфа бездери чоңоюп, кол тийсе, ооруйт. Ооруган жерге куруштуруучу, күйгүзүүчү дарылар сыйпалат. Дүүлүктүрө турган тамак ичүүгө, тамеки тартууга болбойт. Кайра жаңыланбаган А-лар 5—7 күндө ордуна тырык калтырбай айыгат. Оору өнөкөт түргө айланса, оздогу ж. б. органдардагы ириң уяларын жоготуу м-н преднизолон дарысын 15—20 *мг* дан 7—15 күнгө чейин колдонуш керек.

АФФАНДИ Кусума (1910-ж. т.) — индонезиялык живописчи ж-а график. Сүрөтчүлүккө өз алдынча үйрөнгөн; «Эл сүрөтчүсү» деген бирикмени (1947) ж-а Индонезиянын сүрөтчүлөр союзун (1952) негиздеген. А-нын 1940—50-жылдардагы сүрөттөрү («Элдин ырыскысы», «Элдик ополченцелер тактикалык машыгууда» 1946) романтикалык салтанаттуулугу, күчтүү эмоциялуулугу м-н айырмаланып, жөнөкөй эмгекчилердин мээримине арзыган.

АФФЕКТ (лат. affectus — көңүлдүн толкушу, туталануу) — адамдын көңүлүнүн тез өзгөрүп, кыска мөөнөттө өтүүчү эмоциялык абалы (долулануу, ачуулануу, каардануу, үрөйү учуу ж. б.). Коркков, кубанган, кайгырган адамдын эмоциясы А. түрүндө өтүшү мүмкүн. А. эркин кыймылга келүүчү (токтотуу же ашыкча козголуу) ж-а вегетативдик реакциялардын сферасына (дем алуу ж-а тамырдын кагышынын өзгөрүшүнө, четки кан тамырдын кысылышына) байланыштуу болот. Мындай кабыл алуу, ой жүгүртүү аң-сезимге терс таасир этип, өзүнө өз боло албай калуу абалына алып келет. Бир эле тескери таасирин тийгизген фактор экинчи жолу кайталанса, А. патологиялык абалга өтүп кетиши мүмкүн.

АФФИКС, к. *Мүчө.*

АФФИНАЖ (фр. affinage—тазалоо)—кендерден асыл металлдарды бөлүп алуунун металлургиялык жолу. А. методу электролиздик, нымдуу ж-а кургак болуп бөлүнөт. Электролиздик жол м-н алынуучу металл *катодго* чогултулат да, кошундулар калдык түрүндө бөлүнүп чыгат. Ушундай жол м-н алынган алтындын пробасы 999,9дан төмөн болбойт. Нымдуу А. методу платина, палладий, иридий ж-а родий сыяктуу сейрек учуроочу асыл металлдарды алууда пайдаланылат. Мында кендеги металлдар азот ж-а туз к-таларынын эритмесинде эритилип, ар түрдүү реагенттердин (хлордуу аммоний, аммиак, кант) жардамы м-н эритмеден бөлүнүп алынат. Кургак А. методун колдонгондо жог. темп-рада эритилген кендеги металлдар хлор аркылуу өткөрүлөт.

АФФИНДИК ГЕОМЕТРИЯ (лат. affinis — тектеш) — геометриянын тегиздиктеги же мейкиндиктеги фигуралардын аффиндик касиеттерин изилдөөчү бөлүгү. Ар кандай аффиндик түзүүлөр сакталган геом. фигуралардын касиеттери ал фигуралардын аффиндик инварианттары (А. и.) деп аталат. Бир түз сызыкта жаткан M_1, M_2, M_3 чекиттеринин жөнөкөй катыштары негизги А. и. боло алат. Эгер x_1, x_2, x_3 ал чекиттердин абсциссалары десек, алардын жөнөкөй катышы $(x_2-x_1)/(x_3-x_2)$ болот. n чекиттен ($n\geqslant4$) турган А. и-тын ар кандай системасын жөнөкөй катыштар м-н туюнтууга болот. Аффиндик түзүүлөрдө геом. фигуранын оордук борборунун өзгөрбөстүгү ушул себептен айтылып калган. Эркин түрдөгү А. г-ны түзүүдө жарыш сызыктар жарыш бойдон калат. А. г-нын методдору механика, теориялык физика ж-а астрономиянын айрым бөлүмдөрүндө кеңири колдонулат.

Ад.: Александров П. С., Лекции по аналитической геометрии, М., 1968.

АФФИНДИК ӨЗГӨРТҮҮ — тегиздиктин ар бир чекити бир маанилүү түрдө кайра эле ошол чекитине өткөндөй болуп, ал тегиздикти өзүн өзүнө сызыктуу өзгөртүүнүн бир түрү. А. ө. учурунда $M(x, y)$ чекити $M'(x', y')$ чекитине өтсө, анда x', y' координаталары x, y аркылуу төмөнкүчө туюнтулат:

$$x'=a_1x+b_1y+c_1$$
$$y'=a_2x+b_2y+c_2, \qquad a_1b_2-a_2b_1\neq0$$

А. ө. учурунда түз сызыктардын, тегиздиктердин параллелдиги, параллель кесиндилердин, аянттардын, көлөмдөрдүн катышы сакталат ж-а векторлордун суммасы, векторду санга көбөйтүү касиеттери орун алат. А. ө. математиканын ар түрдүү тармактарында, механикада, теориялык физикада колдонулат.

АХАЛТЕКЕ ЖЫЛКЫСЫ — элдик селекция жолу м-н Түркм-нда чыгарылган мингич жылкы. Ал сымбаттуу ж-а күлүк келип, кургакчылыкка,

ысыкка байымдуу, суукка чыдамсыз. Өңү тору, кызыл, кара кер ж. б. Бөюнун бийикт. 154—157 *см*, тулку бөюнун уз. 154—158 *см*, көкүрөк курчай өлчөмү 167—173 *см*. Кунаны 1000 *м* аралыкты 1 *мин* 07 *сек* да,



4000 *м* ди 4 *мин* 45,8 *сек* да жүгүрөт. А. ж-нын көпчүлүгү — атактуу күлүк Бой-Ноунун тукуму. А. ж. О. Азия м-н Каз-нда, РСФСРде өстүрүлөт.

АХАЛЦИХЕ — ГССРдин Ахалцихе р-нунун борбор шаары. Эки тоо арасындагы ойдуңдан, Поцхови-Цкали (Кура-нын куймасы) суусунун жээгинен орун алган. Т. ж. станциясы бар. Батуми, Ахалкалаки, Боржоми шоссе жолдорунун тоому. Калкы 19 миң (1970). Күрөң көмүр казылуучу аймактын борбору. «Электродвигатель», чоюн куючу, крахмал, вино куючу, консерва, сыр-май з-ддору, эт комбинаты иштейт. Курулуш материалдары чыгарылат. 10—11-к-да негизделген. А-ден Абастумани курортуна чейин 28 *км*.

АХЕЙ СОЮЗУ — Пелопоннестеги байыркы грек шаарларынын федерациясы. Ал өз алдынча мамлекет катары 12 шаардын (полистердин) дорийликтерге каршы түзүлгөн бирикмеси болуп, б. з. ч. 4-к-дын 3-чейрегинде таркап кеткен. Б. з. ч. 4-к-дын болжол м-н 280-ж. ахейлик 4 полистин македониялыктарга каршы федерациялык мамлекети катарында кайрадан түзүлгөн. А. с-нун күчөшүнөн ж-а анын составына Спартанын, Элиданын ж-а Мессениянын кошулушунан чочулаган римдиктер б. з. ч. 146-ж. А. с. таратып жиберген.

АХЕМЕНИЙЛЕР — Байыркы Персия державасынын падышалар династиясы (б. з. ч. 558—330); түбү перс урууулар союзунун башчысы Ахеменден башталат. Ахемендин тукуму Кир II Улуу (558—530) Жакынкы ж-а О. Чыгыштын өлкөлөрүнүн көбүн бириктирген зор империяга негиз салган. Кийинчерээк Мидияны, Азиянын көп бөлүгүн (545—539), Вавилонияны (539), Египетти (525), Фракияны, Македонияны ж-а Индиянын түн.-бат. бөлүгүн (519—512) жеңип алат. Кир IIден кийин державаны Камбис II (530—522), Дарий I (522—486), Ксеркс I (486—465), Артаксеркс I (465—424), Ксеркс II (424), Согдиан (424—423), Дарий II (423—404), Артаксеркс II (404—358), Артаксеркс III (358—338), Арсес (338—336), Дарий III (336—330) башкарган. Персеполь, Вавилон, Сузы ж-а Экбатана мамлекеттин борбору болуп турган. А-дин аскердик күчү начарлаган сайын державасы кыйрай баштайт. Б з. ч. 330-ж. *Александр Македонскийдин* соккусу астында А. мамлекети жоюлган.

АХМАДАБАД — Индиянын Гуджарат штатынын админ. борбору. Калкы 1746 миң (1971). Маанилүү трансп. тоому. А-ды Гуджарат султанатынын башчысы Ахмад-Шах (411-ж.) салдырган. А. кездеме токуу б-ча Бомбейден кийин 2-орунда. Металл иштетүүчү, химия, тамак-аш, булгаары, ширецке ж-а курулуш материалдарын чыгаруучу ө. ж. ишканалары, Гуджарат ун-ти (1949), кездеме о. ж., ил. из. ассоциациясы, музейлер бар. Тарыхый эстеликтери о. кылымдагы мусулман мад-тына таандык.

АХМАТОВ Токтосун Керимбаевич (1929-ж. т., Ысык-Көл р-ну, Тору-Айгыр кыш.) — сов. тилчи, филол. илимд. доктору (1969), проф. (1970). 1955-жылдан КПССтин мүчөсү. КМУнун филол. ф-тетин бүтүргөн (1954). Аспирантураны бүтүргөндөн кийин (1958), КМУнун кыргыз тили кафедрасында окутуучу, доцент, ст. илимий кызматкер. 1974-жылдан кыргыз тил илими кафедрасына башчы. А. илимий ишмерлигин студенттик убагында баштаган. Кыргыз диалектологиясына, кыргыз тилинин фонет. түзүлүшүн эксперименттик жол м-н изилдөөгө көп көңүл буруууда.

Чыг. Кыргыз тилинин талас говорлору, Фр., 1959; Звуковой строй современного киргизского языка, ч. 1—2, Фр., 1968, 1970.

АХМАТОВА (өз фамилиясы — Горенко) Анна Андреевна [11(23). 6. 1889—5. 3. 1966] — орус совет акыны. Флоттук инженердин үй-бүлөсүндө туулган. А-нын алгачкы чыг-лыгы акмеизм м-н байланыштуу. Жаңы искусствонун эстет. принциптерин өздөштүрүүдө А. кыйынчылыктарды тартып, айрым жаңылыштыктар кетирген. 30-жылдары А-нын чыг-ларында жылыштар ачык байкалды. Ата Мек. согуш учурунда патриоттук ырлар («Ант», «Баатырдык» ж. б.) жазган. «Тынчтыкка даңк» (1950) ырлар цикли, «Каармана жок поэмасы» (1940—62) жарыяланат. «Мезгил агымы» (1965) жыйнагы үчүн Италиянын Энта-Тоормин адабий сыйлыгы берилген. А-нын ырлары орус классикалык поэзиясынын үлгүлөрүндө жазылган; англис, немец, француз, италия, япон, поляк, чех ж. б. тилдерге которулган.

АХМЕТОВА Хадича (30. 5. 1902-ж. т., Каракол ш., азыркы Пржевальск) — кыргыз совет педагогу. Караколдогу орус-тузем мектебин бүтүрүп (1915—1918), Каракол ш-дагы жетим балдар үйүндө аялдардан биринчи тарбиячы (1918—19) болгон. 1920—53-жылдарда Кырг-ндын мектептеринде мугалим болуп иштеген. Пржевальскидеги пед. окуу жайын сырттан окуп бүтүргөн (1940—46). А. эл агартуу ишине сиңирген эмгеги үчүн Ленин ордени, «Эл агартуунун отличниги» значогу (1945), Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун Ардак грамотасы (1945), медалдар м-н сыйланган. 1954-жылдан пенсияда.

АХМЕТСАФИН Уфа Меңдибай уулу (15. 7. 1912-ж. т., Түн. Каз-н обл., Совет р-ну, 2-айыл) — сов. гидрогеолог, геол.-минералогия илимд. доктору (1947). Казак ССР ИАнын акад. (1954), Казак ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1961), Соц. Эмг. Баатыры (1969). 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. О. Азия индустр. ин-тун бүтүргөн (1935). Казак ССР ИАнын К. И. Сатбаев атн. Эмгек Кызыл Туу ордендүү Геол. ин-тунун гидрогеол. бөлүмүнүн башчысы (1940—64), Казак ССР ИАнын Гидрогеол. ж-а гидрофизика ин-тунун директору (1965). Каз-н гидрогеол. мектебине негиз салган. А. 200 ил. эмгек жазган. Эмгектери Каз-н м-н О. Азиянын чөлдүү райондорундагы жер астындагы сууну изилдөөгө, гидрогеол. прогноздоонун принциптерин негиздөөгө, суу ресурстарын картага түшүрүүгө арналган. А. ачкан теориялык негиздер мурда суусуз деп эсептелген аймактарда запасы мол артезиан суу бассейндерин табууга чоң көмөк көрсөткөн. Казак ССР Жог. Советинин депутаты ж-а Президиум мүчөсү (1955—59), «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АХРАМХУЖАЕВ Обид Мурадович (12. 10. 1920-ж. т.) — сов. геолог, геол.-минералогия илимд. доктору (1959), Өзбек ССР ИАнын акад. (1966) ж-а Жер жөнүндө илим бөлүмүнүн акад.-секретары (1966). Өзбек ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1964). 1950-жылдан КПССтин мүчөсү. О. Азия политех. ин-тун бүткөн (1945). Өзбек ССР ИАнын Геол. ин-тунда ил. кызматкер (1957—59), 1959-жылдан Өзб-ндагы нефть ж-а газ кендеринин геология ж-а чалгындоо ин-туна директор. А-дин негизги ил. иштери Өзб-н ж-а Түш. Кырг-ндын чөлтери Өзб-н ж-а Түш. Кырг-ндын чөктөрү Өзб-н ж-а Түш. Кырг-ндын чөктери Өзб-н ж-а Түш. Кырг-ндын чөктерн мо тоо тек катмарларындагы нефть-газ чыгуучу *геологиялык свиталарды*, нефть-газ пайда кылуучу ж-а топтолуучу зоналарды белгилөө б-ча комплекстүү изилдөөгө, нефть м-н газдын келечегин аныктоого багытталган. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а бир нече медаль м-н сыйланган.

Чыг.: Литология нефтегазоносных меловых отложений Ферганской депрессии, Таш., 1960.

АХТАМАР — армян падышалары Ван көлүнүн (азыр-Арцрунилердин Ван көлүнүн (азыркы Түркиянын терр-ясы) аралындагы жайгашкан резиденциясы (10—11-к.). А-да дубалдары ж-а таштары ар түрдүү оймо-чиймелер м-н кооздолгон армяндардын о. кылымдагы архитектурасынын эң сонун эстеликтери бар.



Ю. Ахунбабаев.



И. К. Ахунбаев.



М. Ф. Ахундов.



Т. Ахунова,

Ыйык крест чиркөөсү (915—921) ж-а 10-к-дагы порттун урандысы сакталып калган.

АХТУБА — Волганын сол салаасы. Волгоград ш-нан 26 *км* жогору Волгадан бөлүнүп чыгат. Уз. 537 *км*. А-нын эски нугу плотина м-н тосулуп, Волганын төмөнүрөөк жагынан 6,5 *км* узундукта жаңы канал казылган. Жылдык орт. чыгымы 153 $м^3/сек$. Суу кирген убакта кеме жүрөт. Жээгинен Волжский, Ленинск, Ахтубинск ш-лары орун алган.

АХУНБАБАЕВ Юлдаш [1 (23). 7. 1885—28. 2. 1943] — сов. мамл. ишмер. 1921-жылдан КПССтин мүчөсү. Фергана обл-дагы Маргалаң р-нундагы Жой-Базар кыштагында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган; башталгыч мектепте окуган; жаш кезинде батрак болгон. 1920—21-ж. Маргаланда Кедейлер союзунун, 1921—25-ж. «Кошчу» союзунун пред-ли. Басмачылар м-н активдүү күрөшкөн. 1925—38-ж. Өзбек ССР Советтеринин БАКтын пред-ли, 1938—43-ж. Өзбек ССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-ли, СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-линин орун басары. А. Ленин ордени ж-а эки Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

АХУНБАЕВ Иса Коноевич [12 (25). 9. 1908, Ысык-Көл обл., Тору-Айгыр кыш.,—5. 1. 1975, Фрунзе] — сов. хирург, мед. илимд. доктору (1948), проф. (1949), СССР мед. ИАнын мүчө-корр. (1948), Кыргыз ССР ИАнын акад. (1954) ж-а түңгүч президенти (1954—60). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. А. Ташкендеги О. Азия мед. ин-тун бүтүргөндөн кийин (1935), Кыргыз ССР саламаттык сактоо эл комиссарынын орун басары (1935—37), Фрунзе шаардык ооруканасынын хирургия бөлүмүнүн ординатору, КММИнин жалпы хирургия кафедрасынын ассистенти (1941). 1947-жылдан өмүрүнүн акырына чейин КММИнин жалпы хирургия кафедрасынын башчысы, КММИнин директору (1948—52). А-дин ил. изилдөөлөрү негизинен балдардын сокур ичеги, эндемиялык богок, эхинококкоз, шок ж-а жүрөк ооруларына арналган. Патофизиология б-ча союзда белгилүү окумуштуу Г. Л. Френкель экөө чогултkан эксперименттик-клиникалык материалдардын негизинде жазылган «Шокторду классификациялоо жөнүндө» (1960) ж-а «Очерки по шоку и коллапсу» (1967) деген монографиялары Кыргыз ССРинин илим б-ча Мамл. сыйлыгына арзыган (1970). А-дин демилгеси ж-а жетекчилиги м-н Фрунзе ш-ндагы респ-калык клиникалык ооруканада көкүрөк хирургия бөлүмү уюштурулган (1959). А. 170деп ашуун ил. эмгектин автору.



И. К. Ахунбаев операция жасап жаткан учур. Жардамчысы Н. И. Ахунбаева.

Мунун 120дан ашыгы мед., калгандары тарыхый, ил. уюштуруу ж-а саясий маселелерге арналган.

А. мед. илиминин 28 кандидатын, 5 докторун даярдады. Ал бир нече прет эл аралык ил. ж-а коомдук форумдарга, анын ичинен 4 жолу хирургиялык конгресске катышкан. Австрия, Франция, Индия, Греция, Канада ж. б. мамлекеттерге барып ил. докладдар окуган. А. эл аралык хирургиялык, СССР хирургиялык, эндокринологиялык коомдорунун башкармаларынын мүчөсү, «Грудная хирургия», «Проблемы гормонотерапии и эндокринологии», «Кровообращение» журналдарынын редакциялык советине мүчө, БМЭнин (Большая медицинская энциклопедия) 2—3-басылышынын хирургия бөлүмүнүн редакторлорунун бири, КСЭнин Башкы редакциясына мүчө болгон. Кырг-н КП(б) БКнын (1949—54), Кырг-н КП БКнын (1954—59) мүчөсү. СССР Жог. Советинин 2—4-шайл. ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин 5, 6-шайл. депутаты, Саламаттык сактоонун отличниги (1946), Кыргыз ССР эмг. сиң. варчы (1945), Кырг-ндын илимге эмг. сиң. ишмери (1972). Ленин ордени, Октябрь Революциясы ж-а Эмгек Кызыл Туу ордендери, 3 «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Эндемиялык богок, Фр., 1964 (Н. С. Андросов менен авторлош); Жүрөк-кан-физиологиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү, Фр., 1964; Аппендицит детского возраста, М., 1947; Проблема эндемического зоба в Киргизии, Фр., 1957; Проблема эхинококкоза в Киргизии, Фр., 1965; Очерки по шоку и коллапсу, Фр., 1967; Справочник симптомов, синдромов болезней человека и диагностических проб, Фр., 1973.

Ад.: Шубладзе Б. К., и др., Иса Коноевич Ахунбаев. К 60-летию профессора Ахунбаева И. К., «Хирургия», 1969, № 2; Алиев М. А., Френкель Г. А., К 60-летию профессора Ахунбаева И. К., «Изв. АН Кирг. ССР», 1968, № 6.

АХУНБАЕВА Нелли Исаевна (28. 4. 1937-ж. т., Фрунзе) — сов. хирург, мед. илимд. доктору (1974). 1965-жылдан КПССтин мүчөсү. КММИни бүтүргөн (1960). Пржевальск шаардык ооруканасынын хирургу (1960—61), респ-калык клиникалык оорукананын көкүрөк хирургия бөлүмүнүн ординатору (1961—64), КММИнин жалпы хирургия кафедрасынын ассистенти (1964—72), 1972-жылдан доценти. А-нын эмгеги көбүнчө өпкөнүн эхинококк оорусун аныктап дарылоого ж-а анын негизги клиникалык маселелерине арналган. А.—35тен ашуун ил. эмгектин автору.

Чыг.: Основные вопросы клиники, диагностики и лечения эхинококкоза лёгких, Фр., 1968; Некоторые вопросы осложненного эхинококкоза лёгких, М., 1971.

АХУНДОВ Мирза Фатали [30. 6 (12. 7). 1812., Шеки, азыркы Нуха ш.,—26. 2 (10. 3). 1878, Тифлис] — азербайжан ад-тынын классиги, агартуучу, философ-материалист. Нухада орус-азерб. окуу жайын бүтүргөн. Араб, парс ж-а орус тилдерин билген. А-дун адабий ишмердиги 19-к-дын 30-жылдарында башталат. Сын макалаларында ад-ттагы реалисттик багытты жактаган. «Пушкиндин өлүмүнө» аттуу кошок поэмасы 1837-ж. орус тилине которулуп, жарык көргөн. А-дун таланты өзгөчө драматургияда айкын ачылган. Ал 1850—56-ж. Мусье Жордан «Ботаник жана айтылуу сыйкырчы, дубана Мастали-шах», «Ленкоран хандыгынын вазири» («Чыгыштын адвокаттары») деген комедиялар жазган. Аларда азерб. элинин 19-кдын 1-жарымындагы турмушу реалдуу көрсөтүлгөн, кедерги жактары ашкереленген. А. патриарх.-феод. мамиленин ыдыраң баратканын көрсеткөн «Алданган жылдыздар» (1857) аттуу сатиралык повести м-н азерб. ад-тында проза жанрын баштаган. А-дун көз карашы Ж. Чыгыштын ж-а орус философиясы м-н 18-к-дагы француз материалисттеринин прогрессчил идеяларынын таасири негизинде калыптанган. «Инди принца

АФРИКА. ФИЗИКАЛЫК КАРТА





Кемал-уд-Довлении персия принци Жалал-уд-Довлеге жазган үч каты...» деген филос. трактатында, «Философ Юмга жооп» деген макаласында ж. б. эмгектеринде матер. идеяны өнүктүрүү м-н илимди ж-а философияны диндеп болуп, жаратылышты үйрөнүүгө чакырган. А. андан билүү теориясы б-ча матер. сенсуализмдин позициясында турган. Бирок таанып-билүүнүн сезүү ж-а рационалдык баскычтарының диалектикасын ача алган эмес. Социалдык эзүүгө ж-а Чыгыш аялдарының укуксуздугуна каршы чыгуу м-н эзүүчүлөрдү күч аркылуу гана жоготууга болот деген жыйынтыкка келген. А. кийинки муундарды патриоттук духта тарбиялоону, диний ишенимдерден арытууну максат кылган; алардын билимге, эстет. таалимге жетишине зор маани берген. А-дун эмгектери азерб. элиши ж-а Ж. Чыгыш элдеринин аттары м-н коомдук ой-пикирлерinin өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген. Анын чыг-лары англис, фарс, француз, немец ж-а СССР элдеринин көп тилдерине которулган.

Лит.: Рафиев М., Ахундов, М., 1959; Мамедов Ш. Ф., Мировоззрение М. Ф. Ахундова, М., 1962.

АХУНОВА Турсуной (1937-ж. т.) — Өзб-ндын колхоз өндүрүшүнүн ишмери. Ташкен обл-ның Янги-Юл р-пундагы Киров атн. к-здун комплекстүү механикалаштырылган бригадасының бригадири. Соц. Эмг. Баатыры (1959). 1962-жылдан КПССтин мүчөсү. А.—комбайн м-н пахта терүүдө жог. көрсөткүчкө (1956—59-ж. 367 *т*, 1961—62-ж. 347 *т*) жетишкен биринчи аял. А-ның өрнөгү б-ча миңдеген аял пахта жыйноочу машиналарды айдай башташты. Ал Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Лениндик сыйл. лауреаты (1967). А. СССР Жог. Советинин 6—7-шайл. депутаты.

АЦЕТАЛЬДЕГИД, уксус альдегиди, CH_3CHO — кескин жыттуу, түссүз суюктук, эрүү t 124°С, кайноо t 20,8°С. Суу, спирт ж-а эфир м-н барлык коломдө аралашат. Касиеттери альдегиддерге окшош, *альдолдук конденсация* реакциясына оңой кирет: $2CH_3CHO \rightarrow CH_3CH(OH) — CH_2—CHO$. Минерал к-саларының катышуусунда паральдегидге $(CH_3CHO)_3$ ж-а метальдегидге $(CH_3CHO)_4$ полимерленет. Бул эки полимерди күкүрт к-тасы м-н кошуп ысытканда, А. пайда болот. А. сыман тузунун катышуусунда ацетиленге суу кошуу м-н 95°Сде алынат *(Кучеров реакциясы)*. А. уксус к-тасын, уксус ангидридин, бутадиенди, ацетальдолду, жасалма чайырларды алууда колдонулат.

АЦЕТАМИД, CH_3CONH_2 — уксус к-тасының амиди, эрүү t 83°С, жытсыз, түссүз кристалл. Сууда, спиртте, глицеринде жакшы эрийт. Күчтүү к-талар м-н гана тузду пайда кылат. А. кездеме, булгаары, кагаз жасоодо, сыман туздары уруктарды дарылоодо колдонулат.

АЦЕТАТ БУЛАСЫ — ацетил целлюлозадан алынуучу жасалма була. А. б-ның эки түрү бар: эки(үч)чилик ацетил целлюлоза ж-а триацетилцеллюлоза. А. б. ацетил целлюлозаны орг. эриткичтерде эритүүдөн алынат. Анын вискоза ж-а жез аммиактуу булалардан артыкчылыгы — созулгуч. Андан жасалган кездемелер аз бырышып, ультракызгылт көк нурларын жакшы өткөрөт. А. б. жог. темп-рага, жегичтер м-н орг. эриткичтердин таасирине, сүрүлүүгө чыдамсыз. Ал эл кецири керектөөчү буюмдарды жасоодо, кээде нооту (сукно) ж-а сокмо кездемелерди даярдоодо жүн ордуна жүрөт. Триацетат буласы электр тогун өткөрбөөчү материалдар катары да колдонулат.

АЦЕТАТТАР — уксус к-тасының туздары ж-а эфирлери. А. металлдардын кычкылдарын ж-а суу кычкылдарын же карбонаттарын суюлтулган уксус к-тасында эритүүдөн алынат. Уксус к-тасының туздарынын көпчүлүгү — сууда жакшы эрүүчү кристаллдар, эфирлери — жемиш же гүл жыттанган тез учуучу суюктуктар. А. лактарды, синтет. булаларды, желимдерди, кинопленкаларды жасоодо, парфюмерияда, тамак ө. ж-да, медицинада, а. ч-да ж-а боёо ишинде колдонулат.

АЦЕТИЛ ӨТӨ КЫЧКЫЛЫ, $(CH_3COO)_2$ — озон жыттанган, түссүз, кристаллдык туруксуз орг. бирикме; эрүү t 30°С, кайноо t 63°С. Спиртте, эфирде жакшы эрийт, күчтүү кычкылдаткыч. Ысытуу, сүрүлүү, урулуудан жарылат, жарыктын, жегичтердин таасирinen ажырайт. А. ө. к. суу м-н кошулуп, ацетилдин суу өтө кычкылын ж-а уксус к-тасын пайда кылат. А. ө. к. уксус ангидриддерине барийдин өтө кычкылын таасир этүүдөн алынат:

$(CH_3CO)_2O + BaO_2 \rightarrow (CH_3CO)_2O_2 + BaO$.

АЦЕТИЛЕН, $CH \equiv CH$ — каныкпаган углеводород, сууда начар, ацетондо жакшы эрүүчү, жагымсыз жыты бар түссүз газ; эрүү t — 81,8°С, кайноо t 83,8°С. А-дин аба м-н аралашмасы жарылуучу пайда кылат. А-ди 1836-ж. англ. химик Э. Дэви ачкан. 1862-ж. франц. химиги М. Бертло көмүртек ж-а суутектен синтезден алса, нем. химиги Ф. Вёлер 1-жолу кальций карбидинен алган. Бул жол азыр да А-ди ө. ж-да алуунун бирден бир маанилүү жолу. Ал реакцияга жакшы кирет, күчтүү кычкылдаткыч; хлор м-н трихлорэтилен, тетрахлорэтилен ж. б. бирикмелерди пайда кылат. А-ден *винилацетилен, винилхлорид, винил эфирлери, поливинилацетат* ж. б-ды алууга болот. А-ди күйгүзүүдө эң көп (3000°—3150°) жылуулук бөлүнгөндүктөн, металлдарды ширетүү ж-а кесүү ишинде да колдонулат.

АЦЕТИЛЕН ГЕНЕРАТОРУ — кальций карбидине (CaC_2) сууну кошуп, ацетилен газын (C_2H_2) бөлүп алууга арналган аппарат. Ал процесс төмөндөгү реакция б-ча жүрөт: $CaC_2 + 2H_2O = C_2H_2 + Ca(OH)_2$. Бул реакциянын натыйжасында 1 *кг* тех. CaC_2 ден 20°С ж-а 101325 *н/м²* (760 *мм сым. мам.)* басымдагы 235—285 *л* C_2H_2, теория б-ча 1 *кг* CaC_2 ден 370 *л* C_2H_4 алынат. CaC_2 ден бөлүп алынуучу ацетилен газ пайда кылуучу генератордо алынат да, андан газ чогулткучка берилет. А. г. төменкү (0,01 *Мн/м²* же 0,1 *кгк/см²* чейин), орто (0,01—0,15 *Мн/м²* же 0,1—1,5 *кгк/см²)* ж-а жогорку (0,15 *Мн/м²* же 1,5 *кгк/см²* ашык) басымдуу болуп айырмаланат. Төменкү ж-а орто басымдуу ацетилен газы ширетүү иштеринде колдонулат.

АЦЕТИЛЦЕЛЛЮЛОЗА, ацетатцеллюлоза — целлюлозанын (клетчатка) уксус кычкыл эфири, ак түстүү аморфтук зат. А. катализаторлордун катышуусунда целлюлозага уксус ангидридин таасир этүүдөн алынат: $[C_6H_7O_2(OH)_3]_n + 3n(CH_3CO)_2O \rightarrow [C_6H_7O_2(OCOCH_3)_3]_n + 3nCH_3COOH$. Ал физ.-мех. жакшы касиетке ээ: отко күйбейт, аз нымдалат, жарыктын таасирине чыдамдуу. Жегичтер ж-а минералдык к-талар таасир этет. Уксус к-тасында, метиленхлоридинде, хлороформдо, ацетондо, спиртте ж. б. орг. эриткичтерде эрийт. А. булаларды, электр өткөрбөөчү ленталарды, кинопленкаларды, пластмассаларды жасоодо колдонулат.

АЦЕТОН, диметилкетон, CH_3COCH_3 — мүнөздүү жыты бар, түссүз суюктук. Эрүү t — 94,9°С, кайноо t 56,2°С. Суу, спирт, эфирлер м-н бардык катышта аралашат, хим. активдүү зат. А. хлорду ж-а жегичти кошуудан хлороформго ($CHCl_3$), ысытуудан (700°С) кетенге (CH_2CO) айланат. Андан башка оксим, оксинитрил ж. б. бирикмелерди берет. А. кальций ацетатын ысытуудан же уксус к-тасының буусун церий, титан кычкылдарының үстүнөн өткөрүүдөн, крахмалды өзгөчө бактериялардын жардамы м-н ачытуудан ж-а *пропиленди* гидраттан, пайда болгон *изопропил спиртин* андан ары кычкылдандыруудан алынат. А. көпчүлүк орг. заттар үчүн (нитро- ж-а ацетилцеллюлозалар, ацетилен) эриткич катарында, тамак-аш ж-а фармацевт ө. ж-да, кетен, изопрен ж. б. орг. бирикмелерди алууда колдонулат.

АЦЕТОУКСУС ЭФИРИ — ацетоуксус к-тасының этил эфири. Жагымдуу жыты бар түссүз суюктук, кайноо t 181°С. Тең салмактагы эки таутомердин аралашмасынан: еноль ж-а кетон формасынан турат. $CH_3—COH = CH—COOC_2H_5$; $CH_3—CO—CH_2—COOC_2H_5$ А. э. кетондук ж-а еноддук касиетке ээ. А. э. этилацетатка натрийди таасир этүүдөн алынат. Ө. ж-да боёкторду, дарыларды ж-а B_1 витаминин алууда колдонулат.

АЦИДИМЕТРИЯ (лат. acidus — кычкыл, гр. metréo — өлчөм) — эритмеде-

ги кислоталарды аныктоонун көлөмдүк методу. Концентрациясы белгилүү болгон жегичтердин эритмесин к-талардын эритмесине акырындап кошуу м-н жүргүзүлөт. Реакциянын аякталышы индикатордун жардамы м-н билинет. А. хим. лабораторияларда кеңири колдонулат.

АЦИДОЗ (лат. acidus — кычкыл) — орг. к-талардын жетишсиз болушунун ж-а кычкылданышынын натыйжасында организмдеги кислота м-н жегичтердин тең салмактуулугунун бузулушу (өзгөрүшү). Кош бойлуулукта, ачка болгондо, ич өткөндө ж. б. учурда бул кислота организмде кармалып, жеңил формасында заарада ацетоуксус к-тасы ж-а ацетон пайда болот. Оор формасында (кант диабетинде) эстен тандырышы мүмкүн.

АЦИДОФИЛДҮҮ СҮТ — уютулган диета азыгы. Ал, карындагы кислота азайганда, ичеги, боор ж-а уйку бези сезгенгенде, дары катары колдонулат. А. с. уйдун пастеризацияланган сүтүнө таза ацидофил бактериясын кошуп, 40—42° темп-рада уютулуп, мамл. сүт ишканаларында же чарбанын сүт лабораториясында чыгарылат. А. с. мал чарбасында—төлгө профилактикалык максатта, музоого 12 күнгө чейин, адегенде 50—100 *г* дан, андан кийин 700—1000 *г* дан берүүгө болот.

АЦИКЛДҮҮ БИРИКМЕЛЕР (алифатикалык, циклсиз) — молекуладагы көмүртектин атомдору түз $CH_3—CH_2—CH_2—CH_3$ же тармакталган

CH_3

$\quad CH—CH_2OH$ чынжыр түрүндө

CH_3

байланышкан орг. бирикмелер. Бул бирикмелерге *спирттер, кетондор*, орг. к-талар, *майлар, углеводдор, аминокислоталар* ж. б. ачык чынжырлуу каныккан ж-а каныкпаган углеводороддор кирет. Булардан ар түрлүү класстагы орг. бирикмелер — спирттер, *аминдер*, галлоиддүү бирикмелер, кислоталар ж. б. алынат. А. б. карбоциклдүү ж-а гетероциклдүү бирикмелерге, тескерисинче, алар кайра А. б-гө өтүшөт. Мис., *ацетилен* ж-а анын гомологдору жог. темп-рада полимерленип ароматтык углеводороддорго, этилен кычкылына сууну таасир кылуудан этиленгликолго айланат. А. б-дин негизги булагы — нефть ж-а андан өндүрүлгөн заттар. А. б-ди ө. ж-да алуунун баштапкы продуктысы — олефиндер, ацетилен ж-а этилен кычкылы. Этиленден *этил спирти, ацетальдегид*, ацетиленден *уксус к-тасы, хлоропрен* ж. б. алынат. А. б. ө. ж-да синтет. каучуктарды, жасалма булаларды, пластмассаларды, орг. эриткичтерди ж. б. алууда колдонулат.

АЦИЛДӨӨ — орг. бирикмелердеги суутектин атомун карбон к-тасынын калдыгы CH_3CO (ацетил тобу) м-н алмаштыруу реакциясы.

АЧ ТАЛАА (Голодная степь), Түштүк Ач талаа — Сыр-Дарыянын сол жээгиндеги түздүк. Аянты 10 миң *км²*. Жеринин бети тегиз, бийикт. 230—385 *м*. Түн. ж-а түш.-батышы Кызыл-Кумга кошулат. Климаты кескин континенттик. Июлдун орт. темп-расы 27,9°С, январдыкы — 2,1°С. Чыг. бөлүгүндөгү жылдык орт. жаан-чачыны 240 *мм*. Түркстан ж. б. кырка тоолордон агып түшкөн суулар сугат ишине пайдаланылат. Негизинен шор, боз топурактуу. Өсүмдүктөрү (тулаң, элөң чөп ж. б.) май айында күйүп кетет, жантак, шыбак, баялыш сыяктуу өсүмдүктөр гана калат. А. т-нын түштүгүндөгү жердин көбү сугарылып, пахта эгилет. Ири ш-лары: Янги-Ер, Гүлстан.

АЧА ТУЯКТУУЛАР (Artiodactyla) — сүт эмүүчүлөр классындагы чөп жечү айбандар. А. т-дын 3-ж-а 4-манжасы жакшы өөрчүгөн, туягы эки ача. Карыны жөнөкөй ж-а татаал түзүлүп, көп каттуу. А. т-дын (Антарктикадан башка) бардык материктерде (Австралияга да алып барылган) 200 түрү бар. Алар кепшөөчүлөр ж-а кепшебөөчүлөр болуп бөлүнөт. Кепшөөчүлөргө: бугу-марал, элик, жейрен, бөкөн, эчки-теке, багыш, аркар-кулжа, ар түрдүү антилопалар, жираф, зубр, малдын ичинен кой-эчки, уй, топоз; кепшебөөчүлөргө чочко, бегемот кирет. СССРде А. т-дын ичинен бегемот м-н жираф гана жок. Кырг-н-дын аймагында аркар-кулжа, бугу-марал, элик-куран, бөкөн түзөңдөн тартып бийик тоолуу р-ндорго чейин кездешет. А. т-дын кээ бирлери эт, тери ж-а сүт алуу үчүн багылат. Түн. жакта бугуну унаа катары пайдаланышат, ал эми мүйүзүнөн дары (пантокрин) алынат.

АЧАКЕЙ-ЖУМАКЕЙ — 1. Бир чүкө м-н эки же бир топ балдар отуруп алып ойноочу оюн. Тегерете же маңдай-тескей отурган балдар бир чүкөнү кыдырата улам бирөө өкчөшүп, таа консо бир, алчы консо эки манжасын жуумп, конбой калганга чейин өкчөйт. Адеп өкчөгөндө конбой калса, оюн кезеги өткөрүлүп, андан кийинки бала өкчөйт. Оңко турса кайра өкчөйт. Ким беш манжасын мурда ачып-жуумп бүтсө, ошол уткан болот. Бул оюнда чүкө, шап, чертмей, матек мерейлөшөт. Мындан кызыктуу башка оюндардын көбөйүшүнө байланыштуу А. ж. азыр өтө сейрек ойнолот.

2. Кичине балдардын оюну. Оюндун шарты төмөнкүчө: бирөө эки колу м-н көзүн басып турат, экинчиси анын колун чертип жиберип, өз колун жуумп, окшош манжаларын ачып калат. Көзүн жаап турган бала мына ушул манжаларың м-н черттиң дегенсип, окшош эки манжасын ошол замат ача көрсөтөт. Ачкан манжалары черткен манжаларга туура келип калса, ал черттирүүдөн кутулуп, кармалып калганды өз ордуна тургузат. Оюн ушинтип улантыла берет.

АЧКА БОЛУУ — организмдин тамак жоктугунан же анын жетишсиз өлчөмдө сиңирүүсүнөн болгон абалы. Бул абал организмдин каршылык көрсөтүүсүнө ж-а нерв системасынын абалына жараша болот. Тамактын эң керектүү бөлүктөрүнүн жоктугуна байланыштуу белоксуз, майсыз, углеводсуз, витаминсиз ж-а суусуз А. б-лар болот. А. б-нун толук түрү 3 мезгилден турат: 1-мезгилинде организмдеги ашык белок м-н углеводдор азая баштаса, 2-синде алар көп сарп болот, 3-сүндө органдар 60—70% ке кичирейип, салмагы азайып, газ алмашуу, жылуулук иштеп чыгаруу начарлап, дененин темп-расы көтөрүлөт. Суусуз ж-а минералсыз А. б-га жаныбарлар м-н адамдар айрыкча чыдамсыз келишет. Денедеги суу 10—20%, жалпы салмак 30—40% ке азайса, организмдин жашоосу токтолот. Адам карандай суу ичип ачка жүрсө, 40—75 күн чыдайт. Кыска убакытка А. б. айрым жугуштуу ж-а психикалык оорулар м-н ооруган учурда байкалат. Толук эмес А. б-ну дарылоодо колдонуу байыртадан белгилүү.

АЧКЫЧ (музыкада) — ноталык беш сызыктын эң башына коюла турган белги. А. нота сызыгынын биринде коюлуп, ал сызыктагы добуштун бийиктигин, атын билгизет ж-а калган добуштардын бийиктигин, аттарын аныктоочу белги, к. *Нота жазуу.*

«АЧТАРГА ЖАРДАМ» («Помгол»), ачарчылыкка учурагандарга жардам комиссиясы Бүткүл росс. БАКтын алдында уюшулган (1921—22). 1922-ж. Волга боюнда, Түш. Уралда, Крымда, Украинанын айрым р-ндорунда, Түн. Кавказда мурда болуп көрбөгөндөй кургакчылыктан улам каатчылык каптап, 22 млн. киши ачарчылыкка дуушар болгон. Ач калгандарга Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н жардам уюшулду. 1921-ж. 18-июлда Бүткүл росс. БАКтын декрети б-ча Ачарчылыкка учурагандарга жардам берүүчү борб. комиссия түзүлүп, аны М. И. Калинин башкарды. Губернияларда, уезддерде, шаарларда ж-а болуштарда жерг. «А. ж.» комиссиялары иштеди. Мамлекет ачарчылыкка учураган калкка миллиондогон пуд эгин ж. б. азык-түлүк, үрөн берди, ачарчылык каптаган губерниялар налогдон бошотулду, бир катар райондордон 1 млн-го жакын киши эвакуацияланды. Бардык жерлерде, о. эле Кырг-ндагы шаар-кыштактардын эмгекчилери да ачарчылыкка дуушар болгондорго дан, мал, акча ж. б. чогултуп жөнөттү, каат жерлерден келгендерге, өзгөчө алардын балдарына тиешелүү кам көрүлдү. Өз убагында көрүлгөн бул чаралар ачарчылыкты жеңүүгө мүмкүндүк берди. 1922-ж. 2-жарымында ачарчылык залдары негизинен жок кылынды да, «А. ж.» комиссиялары таркатылды.

АЧУУ — микроорганизмдин же алардын ферменттеринин таасирлери м-н орг. заттардын, көбүнчө углеводдордун анаэробдук ажыроо процесси. А. процессинде микроорганизмдердин тиричилиги үчүн зарыл болгон энергия бөлүнүп чыгат. Бул энергия дененин составын, аминокислоталарды, белокторду, майларды ж. б. организмге зарыл болгон заттарды биосинтездөөгө катышат. А-нун өтүшү ачыткынын өзгөчөлүгүнө ж-а ачуунун өтүү шартына (мис: pH аба м-н камсыздалышы, темп-ра, ачытылуучу продуктунун түрү ж. б.) жараша болот. Булардын арасынан спирт (шарап жасоодо, пиво кайнатууда, этил спиртин алууда), сүт кычкыл (сүт азык-түлүктөрүн иштеп чыгарууда, тоюттарды силостоодо), май кычкыл, уксус кычкыл өңдүү А-нун түрлөрүнүн чарбада мааниси чоң.

АЧУУ ЖУМУШТАРЫ — тоо кендерин ачык иштетүүдө пайдалуу казылмалардын үстүндөгү тектерди казып чыгаруу. Кендин үстүндөгү тоо тектери катуу болгондо, А. ж. жардыруу аркылуу тектерди талкалап, аларды экскаватор м-н трансп. вагондорго жүктөө, ташуудан турат. Тоо тектери жумшак болсо, алар массивден экскаватор м-н казылып, талкалоо ж-а жүктөө жумуштары чогуу аткарылат. Катмарлуу кен горизонт б-ча ж-а бир аз жантык жайланышканда, үстүндөгү тектердин калыңд. 35 *м* ден ашпаса, пайдасыз тоо тектер карьердин бош орундарына экскаватор м-н оодарылып төгүлөт да, бардык процесстерди бир гана механизм аткарат. А. ж. тектерди оодарып төгүүгө карата: туурасынан, узатасынан ж-а аралаш иштетүүлөр болуп бөлүнөт. Өркүндөтүлгөн ж-а механикалаштырылган ири жабдууларды колдонуу А. ж-нын наркын төмөндөтүп, пайдалуу казылмалардын үнөмдүү иштелишин камсыз кылат, к. *Пайдалуу кендерди өндүрүү.*

Ад.: Ржевский В. В., Технология и комплексная механизация открытых горных работ, М., 1968; Арсентьев А. И., Определение производительности и границ карьеров, М., 1970.

АЧЫ — Ош обл-нын Араван р-нундагы Араван сельсоветине караштуу кыштак. «Коммунизм» к-зунун аймагында. Ош — Араван шоссе жолунун боюнда. Кыз-Коргон ж-а Чилстан тоолорунун ортосунда жайгашкан. Р-ндун борбору Аравандан 5 *км* чыг. тарапта. Ош т. ж. станциясынан 27 *км*. Калкы 613 (1974). Башталгыч мектеп, китепкана бар.

АЧЫК ЖАНА ЖАРЫМ АЧЫК ЖАСАЛГАЛАР — ө. ж. имараттарынын сыртындагы ачык ж-а далдалуу аянттардагы технол. жабдуулар. Мындай жасалгалар кара ж-а түстүү металлургия ишканаларында, нефть иштетүүчү, май иштеп чыгаруучу ж-а курулуш материалдарын даярдоочу ө. ж. тармагында колдонулат. Негизги технол. жабдуулар, климаттык шартка карабастан, ачык аянттарга да орнотулат, кээ бирлерин жаан-чачындан сакташ үчүн жеңил чатырлардын астында орнотуп иштетүү өндүрүш процесстерин автоматташтыруунун капиталдык чыгымдарын азайтып, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат.

АЧЫК ЖАНА ТУЮК КӨПТҮК — математикадагы түшүнүктөр (к. *Көптүктөр теориясы*). Эгерде *A* көптүгүнүн ар кандай элементинин ушул көптүктүн ичинде жаткан аймагы бар болсо, ачык көптүк деп аталат, б. а. ачык көптүк пределдик элементтерин өзүнө камтыбаган көптүк. Мис., 1) $A = \{0<x<1\}$; 2) айлананын чекиттерин кошпогондо тегеректин ички чекиттери. Эгерде *A* көптүгүнө анын бардык пределдик элементтери кирсе, аны туюк көптүк дешет. Мис., 1) $A = \{0\leq x\leq 1\}$; 2) тегеректин бардык чекиттери айлананын (пределдик) чекиттерин кошо алганда жабык көптүктү түзөт.

АЧЫК МЕЛДЕШТЕР — спорттун айрым түрлөрүн пропагандалоо, спортсмендердин классификациясын жогорулатуу максатында башка спорттук коомдордун, шаарлардын, респ-калардын, өлкөлөрдүн өкүлдөрү катышкан мелдештер. Алар көбүнчө атайын уюштурулган байгелер үчүн жүргүзүлөт. Кырг-нда спорттун ар кайсы түрлөрүнөн М. В. Фрунзенин, И. В. Панфиловдун, Д. Шопоковдун, Я. И. Логвиненконун, Кожомкулдун ысмындагы ж. б. байгелер үчүн ачык м. өткөрүлөт.

АЧЫК САБАК — мугалимдердин педагогиялык тажрыйбасын өркүндөтүү үчүн атайын чакырылган адамдардын катышуусу м-н өткөрүлгөн сабак. А. с-ты пед. илимдин жетишкендиктерин ишке ашыруу максатында окутуу, тарбиялоо б-ча ыкмаларды натыйжалуу өздөштүргөн устат мугалимдер өткөрүшөт. А. с-ты мектеп директору, окуу бөлүмүнүн башчысы, райононун инспекторлору уюштурат.

АЧЫК ТАШТАР — кош сульфаттардын кристаллогидраттары. Формуласы: $Me'_2SO_4 \cdot Me'''(SO_4)_2 \cdot 24H_2O$ же $Me'[Me'''(SO_4)_2] \cdot 12H_2O$, мында Me' — бир валенттүү (Na^+, K^+, NH_4^+), ал эми Me''' — үч валенттүү (Al^{3+}, Cr^{3+}) катиондор. А. т. кош туздар түрүндө комплекстүү бирикмелерге кирет. А. т. жаратылышта кеңири тараган. Кадимки шартта туруктуу, ысытканда суусун жоготуп, бышкан А. т. пайда болот. Сууда жакшы эрийт. А. т-ды бир ж-а үч валенттүү металлдардын сульфаттарынын суудагы ысык эритмелерин аралаштырып алууга болот. Алардын ичинен алюминий калийлүү $[K_2SO_4 \cdot Al_2(SO_4)_3 \cdot 24H_2O]$, хром калийлүү $[K_2SO_4 \cdot Cr_2(SO_4)_3 \cdot 24H_2O]$ А. т. кеңири белгилүү. Алюм. калийлүү А. т. тери өңдөөдө, сүрөт иштеринде, кездеме боёодо, кагаз жасоодо ж-а медицинада керектелет. А. т-ды рев-яга чейин кыргыздар жүн, жип, шуу, кийиз ж-а тери боёгондо боёкко кошуп көп колдонгон. А. т. колдонуудан мурда жылуу сууга эритилип, бир саатча турат. Ага чейин боёк салынуучу суу ысытылат, анан ага А. т-дын суусу кошулуп чогуу кайнатылат. Сууга мындан кийин да боёк салынат ж-а дагы бир жолу кайнатылат. Боёлуучу нерсе (жүн, кийиз, милте жип ж. б.) мына ушундан кийин гана сууга салынып, кеминде 1—1,5 саатча кайнатылат. Анан от өчүрүлүп, суу муздаганча буюмдар боёкто калтырылат. Тери боёгондо деле А. т-дын суусу жогоркудай жол м-н даярдалат. Бирок аны муздатып туруп колдонушат. Ал өңдөлгөн териге ушундан кийин гана сыйпалат. Боёлгон тери жылтырак болсун үчүн ага жылкынын майы сүртүлөт. Кыргыздар мындай терилерден тон, күрмө шым ж. б. кийим-кечелерди тигишкен.

АЧЫК ШААР (эл аралык укукта) — согуш учурунда согушуп жаткан мамлекеттердин бири тарабынан ачык деп жарыяланып, корголбогон, согуш объектилери жок ж-а өз демилгеси м-н согуш аракеттерин жасабаган шаар. Андыктан ал *согуш театры* боло албайт. Мис., 2-дүйн. согуш учурунда Париж, Рим ж. б. ш-лар А. ш. деп жарыяланган.

«АЧЫК ЭШИК» САЯСАТЫ — амер. импер. доктрина. 1899-ж. АКШнын мамл. секретары Дж. Хейдин ноталарында баяндалган. Ал Кытайда ж-а импер. державалардын «таасир тийгизүү чөйрөлөрү» болуп турган башка райондордо АКШнын экон. ж-а саясий үстөмдүгүн орнотушун жаап-жашырууну көздөгөн. 1921—22-жылдагы Вашингтон конф-ясында түзүлгөн 9 державанын договорунда АКШ «А. э.» с-н импер. державалардын официалдуу түрдө таанууларына жетишкен. АКШ 1939—45-ж. ж-а 2-дүйн. согуштан кийинки жылдарда гоминьдандык саясатка, экономикага ж-а куралдуу күчтөргө толук контролдук кылууга жетишкен. 1949-ж. Кытайда Элдик-демокр. рев-янын жеңип чыгышы Кытайдагы амер. импер. саясатынын толук ойрон болушуна алып келген.

АЧЫК-ТАШ КЕНИ — Талас р-нундагы күкүрт колчеданы чыгуучу жер. Талас ш-нан 18 *км* түн.-бат. тарапта, Кыргыз Ала-Тоосунун түш. капталында. Кен жерг. элге илгертеден белгилүү болуп, андан алынган күкүрттү дары катары колдонуп келишкен. 1918, 1921-жылдарда геологдор И. И. Рутковский ж-а В. А. Николаев кенди текшерип көрүшүп, ага чоң маани беришкен. 1930, 1940—55-жылдын ортосунда мезгил-мезгили м-н «Средазцветметразведка» трести геол. чалгындоо иштерин жүргүзгөн. Кен аймагы протерозой заманында пайда болгон *ачык таш свитасынын* тоо тектеринен түзүлгөн. Кен графиттүү сланецтердин арасында бири биринен 150 *м* аралыкта жайгашкан эки рудалуу тилкеден турат. Биринчи тилкенин уз. 1500 *м*, экинчисиники 1650 *м*. Алардын калыңд. 10—20 *м* ден 100 *м* ге чейин жетет. Руда кабатчалары пирит минералына бай (98—99%) сульфиддерден түзүлгөн линза түрүндө кезигет. А. к. алгач ирет чөкмө

түрүндө пайда болуп, кийин метаморфизмдин таасиринен өзгөрүп кеткен. Кен запасы б-ча респ-када күкүрт к-тасын өндүрүп алуунун ири булагы болууга мүмкүнчүлүгү бар, бирок азырынча казылып алынбайт.

АЧЫК-ТАШ СВИТАСЫ — Кыргыз Ала-Тоосунда кездешүүчү байыркы тоо тек катмарлары. Кыргыз Ала-Тоосунун бат. бөлүгүнүн түн. капталдарында, айрыкча Ачык-Таш өрөөнүндө кеңири тараган. 1959—60-ж. И. Е. Медведева аны өзүнчө геологиялык свита катары бөлүп, Ачык-Таш өрөөнүнүн аты м-н атаган. Свита өтө метаморфизмделген кристаллдуу сланецтерден турат. Сланецтердин арасында амфибол гнейстери, доломиттүү мраморлор ж-а пиритке бай сульфид кабатчалары бар графиттүү сланецтердин катмарлары учурайт. Свита доломиттүү мраморлордон табылган строматолиттердин калдыктарынын негизинде протерозой заманында пайда болгон деп божомолдонот. Свитанын калыңд. 1,5—2 миң *м*. Свитада күкүрт колчеданынын кендери жайгашкандыктан, анын эл чарб. мааниси бар, к. *Ачык-Таш кени.*

Ад.: Геология СССР, т. 25, кн. 1, М., 1972.

АЧЫЛМА КӨПҮРӨ — кемелерди өткөрүүдө талпыч аралыгынын ортосундагы бөлүктөрү ачылып-жабылуучу көпүрө. А. к-нүн бир же эки жакка ачылма, өйдө көтөрүлмө, тегеренип ачылма ж-а жылдырылып ачылма түрлөрү бар. А. к. бир же эки канаттуу болот. Бир канаттуу көпүрөдө ачылуучу бөлүгү горизонталдык ок б-ча бир жакка, эки канаттууда эки жакка ачылат (к. сүрөт). Мындай көпүрлөрдүн ачылып-жабылып туруучу



Эки канаттуу ачылма көпүрөнүн схемасы: *1* — ачылма аралык курулуш; *2* — тиштүү кыймыл бергич; *3* — тең салмактагыч.

бөлүктөрүн теңдеш үчүн анын артына тең салмактоочу жүктөр орнотулат. Бир канаттуу А. к-лөрдүн аралыгы 79 *м* ге, эки канаттуулардыкы 102 *м* ге жетет.

АЧЫТКЫ — максымды, бозону, кымызды, камырды ж. б. ачыта турган көрөңгө, үрп, камыр туруш. Камырдын А-сы—камыр туруш; жарма, бозонун, кымыздын А-сы—көрөңгө; кымыздын алгачкы А-сы үрп (мурунку жылы күзүндөгү кымыздын үрпүн сүзүп алып кургатып коёт) делет. Камыр туруш жокто анын ордуна бозо же ачыган жарма колдонулат. Жарманын А-сы — көрөңгөсү жокто бозону же ачып калган камыр-турушту жылымык суугa эзип куюшат.

АЧЫТКЫ КОЗУ КАРЫНДАР (Saccharomycetales) — бир клеткалуу, баштыкчалуу козу карындар. А. к. к-дын клеткалары шар же жумуртка формасында, уз. 8—10, туурасы 2—7 *мкм*. Бүчүрлөө ж-а жыныстык жол м-н көбөйөт. Жыныс процессинде эки клетка кошулуп, андан аскоспора калыптанат. Бүчүрлөөдө адегенде энелик клеткада кичинекей өсүндү пайда болуп, ал бара-бара чоңоюп, өзүнчө бир клеткага айланат, көп узабай ал энелик клеткадан бөлүнөт. Алардын айрым клеткалары көп учурда биригип бутактанган шуруну пайда кылат. Ачыткычтар азоттуу минерал заттарды жакшы сиңирет. Алар аз кычкылдуу (PH—5—5,8) ж-а 25—30°С чөйрөдө жакшы өөрчүйт. Жаратылышта А. к. к. кеңири таралган, негизинен канттуу азыктарда көп. Алар камыр ачытууда, шарап чыгарууда, спирт, сүт витаминдерин ж-а кээ бир орг. к-таларды өндүрүүдө пайдаланылат. Суюк пиво ачыткычтары медицинада аз кандуулукту ж-а кант, невралгия ооруларын дарылоодо колдонулат. Кургак ачыткычтар да болот. Алардын адам м-н жаныбарга оору жугузчу түрлөрү бар.

АШ — өлгөн кишинин жыл маалы өткөндө же андан кийин эскерүү маанисиндеги диний ырым-жырым; байыркы анимизм дининин калдыгы. Маркумду эскерүү маанисинде А. берүү көп элдердө (байыркы грек, герман, славян, түрк ж. б.) болгон. Кыргыздарда А. туура жыл маалында берилип, өлгөн адамдын арбагына аталып мал союлуп, эти келген элге таратылган, өлгөн адамдын бир жыл бою турган тулу алынып ташталган; жесир аялдын кара кийими чечилип, отко өрттөлгөн. Патриарх.-феод. коомдо кыргыз эзүүчүлөрү А. берүүнү атак-даңк чыгаруу максатында көп эл чогултуп, толгон каражат жумшап, арбын байге сайып ат чабыш, эр эңиш, күрөш ж. б. шаан-шөкөт м-н өткөрүшкөн. Ашка кеткен чыгымдар «тууганчылык жардам» букаралардан жыйылган. Аштан тышкары кыргыздарда адам өлгөндөн кийин үчүлүк, жетилик, кыркы сыяктуу ырым-жырымдар өткөрүлгөн. Окт. рев-ясынан кийин бул маанидеги А. берүү жоюлуу жолуна түшкөн.

АШ КӨК (Anethum) — чатырлуулар тукумундагы бир жылдык өсүмдүк. Тамыры тик кетип, майда тамырчалардан турат. Сабагы түз, жалбырагы кезектешип орун алган. Майда, үч салаалуу, чатыр сыяктуу, топ гүлдүү; уругу күрөң, 4—5 жылга чейин сакталат. Жапайы ж-а эгилме түрү бардык жерге тараган. Ал жашылча м-н тамак-аштын жытын жакшыртуу үчүн колдонулат. Аны кышка кургатып же туздап сакташат. Ал бадырaң, помидор ж. б-ды туздаганда да кошулат. Составында А, В, С витаминдери, жыпар жыттуу эфир майы бар. А. к. суукка чыдамдуу, жылына бир нече жолу түшүм берет.

АШ КЫЗЫЛЧАСЫ — көп жылдык техникалык өсүмдүк. Эгилме А. к. 1-жылы тамыр ж-а жалбырак байлайт. 2-жылы аңызда казылбай калган же жерге көмүлгөн кызылчадан урук алынат. А. к-нын составында (% м-н) 82,2 суу, 1,8 азоттуу заттар, 14,4 углеводдор, 0,7 клетчатка, 0,1 май, 0,6 күл, о. эле кант м-н витаминдер болот. А. к. СССРдин бардык аймагында өстүрүлүп, винегрет, борщ, маринад ж. б. даярдоо үчүн колдонулат. Ар гектарынан 150—500 *ц* (айрымдары 1000 *ц*) түшүм берет. Анын бир нече сорту бар.

АШ АЙРАН — сүт м-н дандан жасалган муздак ичилчү суюк тамак. Накта сүткө үчтөн бирине суу кошуп, ысып келгенде акшак же талкан чалып бышырат. Анын табы кайтып жылымык болуп сууганда, уютку кошуп уютат. А. а. ток ж-а жагымдуу болот. Аны көбүнчө эрте жаздан жай айына дейре жасайт. Бул сүт кайткан күз айларында да көп жасалат. Ал мүнөз тамак катары да пайдаланылат.

АШАНТТАР, ашанти федерациясы — 17-к-дын аягы — 19-к-да Алтын Жээк (азыркы Гана) жеринде болгон феодализмдин башталыш тибиндеги мамлекет. 1697—1701-ж. түзүлгөн. А. көбүнчө дыйканчылык, кол өнөрчүлүк м-н кесип кылган. Алтын ж-а кул сатып соода кылышкан. Мамлекетти башкы көсөмдөр (ашантихене), областтарды жерг. көсөмдөр (оманхене) башкарган. 1896-ж. Англия-Ашанттардын 7-согушунда Англия А-ды жеңип алып, анын айрым уруулары м-н протекторат ж-дө келишим түзгөн. Ушундан баштап А. мамлекет болбой калган. 1900-ж. Англия А-дын көтөрүлүшүн басып, анын жерин Алтын Жээк колониясына кошуп жиберген. 1935-ж. А. федерациясы формалдуу түрдө калыбына келтирилген. Көз каранды эмес Гана мамлекети түзүлгөндөн кийин, 1957-ж. кабыл алынган конституция б-ча А-га область статуту берилген.

АШАР (ар. хашар — жардамдашуу) — эл чакырып, бир ишти көптөп бүтүрүп жиберүүчү элдик салт. Ал байыркы общиналык коомдо зарылдыктын натыйжасында биргелешип иштөөдөн келип чыкса керек. Кул ээлөөчүлүк, феодалчылык коомдордун убагында үстөмдүк кылуучу таптардын өкүлдөрү А-ды өз мүдөөсү үчүн пайдаланышып, эмгекчилерди эзүүнүн куралына айландырышкан. Окт. рев-ясына чейин кыргыздарда А-ды көбүнчө эгин отоо, оруу-жыюу, чөп чабуу, мал кыркуу, кийиз жасоо, арык казуу окшогон жумуштарга колдонгон. Соц. курулуштун жүрүшүндө А. сов. жаңы салттардын булактарынын бири болуп калды.

АШАТУУ — к. *Тери ашатуу.*

АШЕЛЬ МАДАНИЯТЫ — байыркы палеолиттин археол. мад-ты; *шелль маданиятын* алмаштырган ж-а мунун ордуна *Мустьер маданияты* пайда

болгон. Франциядагы Амьен ш-на жакын Сент-Ашель деген жерден табылган. Дээрлик бүткүл Африкада, Түш. Европада ж-а Азияда таралган. Анын убагында таштан жасалган тешкич, балта ж. б. куралдар пайдаланылган. Аш. м. тушундагы адамдар алгачкы общиналык түзүлүштүн башында жашаган.

АШЕРБРЕННЕР Михаил Юльевич (1842—1926) — орус революционери. 1870—82-ж. Николаево ш-нда кызмат өтөп, офицерлер кружогун уюштурган; ал кружок 1881-ж. *«Народная воля»* уюмуна кошулган. Рев-ячыл иши үчүн А. 1883-ж. камалып, 1884-ж. өмүр бою камакка кесилген. 1904-ж. түрмөдөн чыккан. 1924-ж. СССР РВС А-ге «карыя кызыл аскер» деген наам берген.

АШИМОВ Байкен (10. 8. 1917-ж. т.) — сов. мамлекеттик ишмер. Дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. А. ч. техникумун (1938), Ленинграддагы колдонмо зоол. ж-а фитопатология ин-тун (1957), КПСС БКнын алдындагы Жог. парт. мектепти бүтүргөн (1969). 1938—41-ж-а 1942—45-ж. Сов. Армияда болгон. 1945—55-ж. ж-а 1957—70-ж. сов. ж-а парт. жумушта. 1959—61-ж. Каз-н КП Көкчө тоо обкомунун 2-секретары, 1961—63-ж. ж-а 1964—68-ж. Караганда облаткомунун пред-ли, 1963—64-ж. Караганда обкомунун (селолук) 1-секретары, 1968—70-ж. Каз-н КП Талды-Корган обкомунун 1-секретары. 1970-ж. марттан Казак ССР Мин. Советинин Пред-ли, 1970-жылдан Каз-н КП БКнын бюро мүчөсү. А. — КПССтин 22—24-съезддеринин делегаты, КПСС БКнын мүчөсү (1971). СССР Жог. Советинин 8—9-шайл. депутаты, Каз. ССР Жог. Советинин 6—8-шайл. депутаты. Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, 1-дараж. Ата Мекен Согушу ордендери м-н сыйланган.

АШКАБАК (Cucurbita) — ашкабак тукумундагы бир жылдык же көп жылдык өсүмдүк. А. дүйнөгө Америкадан тараган, анын жапайы ж-а эгилмеси болот. А-тын жалбырак сабы узун, сабагы төшөлмө, гүлү чоң, сары, коңгуроого окшош. Жемишинин формасы, чоңдугу ж-а түсү ар кыл. Уругу чоң, ак же саргыч. Ал негизинен тоют, тамак-аш үчүн өстүрүлөт. А. консерва... көпдүтер өндүрүшүндө пайдаланылып, уругунан май алынат. Кургакчылыкка чыдамдуу, уругу 13° жылуулукта өнөт, 110 күндө толук өсүп жетилет. Украина, Молдавия, Каз-н ж-а О. Азия респ-каларында айдалат. А. Кырг-ндын түштүгүндө көбүрөөк эгилет. Кээде бир А-тын салм. 60—80 *кг* га жетип, гектарынан 1000 *ц* ге чейин түшүм алынат.

АШКАБАКТАР ТУКУМУ (Cucurbitaceae) — бир же көп жылдык, эки үлүштүү, бир же эки үйлүү өсүмдүктөр. Гүлдөрү айрым же эки жыныстуу; сары, ак кызгылт. Сабагы түктүү, төшөлүп, жармашып же чырмалып өсөт. Жалбырактары жөнөкөй. Мөмөсү ширелүү, көп уруктуу. А. т. жылууда жакшы өсөт. Жер бетинде 90 уруусу, 800 түрү белгилүү, негизинен тропикте таралган. СССРде 14 уруусунун 24 түрү бар. Кырг-нда 15 түрү кездешет, көпчүлүгү — эгилме. А. т-дагы өсүмдүктөрдүн дээрлик баары чарбачылыкта мааниси чоң. Айрымдары дарылыкка, кооздукка ж-а тоют катары колдонулат.

АШКАЛ-ТӨПЕ — коло доорундагы турак жай урандысы. Анжиян обл-дагы Кара-Дарыя суусунун сол жээгинде. Аянты 320×400 *м*. А.-Т-ден турак жай калдыгы, очок, ар кандай оймо-чийме түшүрүлүп сырдалган чопо идиш-аяктар табылган. Калкынын негизги чарбачылыгы дыйканчылык болгон. А.-Т. эстеликтери чуст мад-тына таандык.

АШКАНА — 1. Боз үйдүн эпчи жагындагы (оң жак капшытындагы) чий м-н калкаланган тамак-аш, идиш-аяк коюучу жай. А. тосулган чийдин аты — *чыгдан* же ашкана чий. 2. Тамак бышыруу үчүн атайын жасалган үй же бөлмө. 3. Көпчүлүк үчүн тамак-аш даярдап сатуучу жай.

АШКАНА-ФАБРИКА — өндүрүшү толук циклдүү, механикалаштырылган коомдук ири ашкана. Анын иши сырьёну алгач даярдоодон башталат да, тамак жасоо м-н бүтөт. Негизги продукцияны чыгаруучу цехтери м-н катар А.-ф-нын кошумча продукция чыгаруучу цехтери болот. Кулинария тамак-ашын жасоодон башка А.-ф. жашылча, эт, балык ж. б-дан чийкилей азык-түлүк даярдап, алар м-н ашканаларды, кафелерди, азык-түлүк дүкөндөрүн камсыз кылат. А.-ф-да тамак ичүүчү бир нече зал болот. Даяр тамактын айрымдары буфетте сатылат. СССРде алгачкы А.-ф. Иваново ш-да 1925-ж. ачылган.

АШМАРА, Аспара — Чүй өрөөнүндөгү Курагат суусунун оң куймасы. Уз. 108 *км*, алабынын аянты 1210 *км²*. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан башталып, Кырг-н м-н Каз-ндын чек арасын бойлоп агат. Чүй өрөөнүнө чыкканда, нугу кеңейип, тайыздайт. Ири куймалары: Махан, Аршалы ж. б. Жылдык орт. чыгымы 3,31 *м³/сек*, эң көбү 7,20—9,66 *м³/сек*, эң азы 1,07—1,02 *м³/сек*. Майда кирип, сентябрда тартылат. Негизинен кар, мөңгү ж-а булактардан куралат. Сугатка пайдаланылат. Боюнан Чалдыбар, Ровный, Гранитогорск ж. б. кыштар орун алган.

АШМАРИН Николай Иванович (1870—1933) — сов. тилчи, түрколог, СССР ИАга мүчө-корр. (1929). Түркология, чуваш филологиясына байланыштуу 30га жакын эмгек жазган. Негизги эмгектери: «Чуваш тилин изилдөө үчүн материалдар» (1897—98), «Чуваш тилинин синтаксисин изилдөө маселелери» (1—2-бөлүм, 1903—23) ж. б. А. чуваш тилинин лексикасы, диалектилери ж-а говорлору, этнографиясы ж-а тарыхы ж-дөгү баалуу маалыматтарга бай «Чуваш тилинин сөздүгү» деген 17 томдук эмгеги м-н ил. жүртчулукка атагы чыккан.



М. А. Ашрафи.

АШОТ — Багратилер династиясынан чыккан армян падышалары. Бу династияга Ашот I Багратуни (891-ж. ө.) негиз салган. Ашот II Темир (928-ж. ө.) 914-жылдан баштап падыша болгон. Ашот III Кайрымдуу 953—977-ж. бийлик жүргүзгөн. А. падышаларынын мезгилинде Армения борбордошкон күчтүү мамлекетке айланат.

АШПАРА — о. кылымдагы шаар урандысы. Кырг-ндын Чүй өрөөнүндөгү Чалдыбар кыш-нын бат. жагында. Алгачкы археол. изилдөөлөрдү В. В. Бартольд, А. Н. Бернштам, андан кийин 1964—65-ж. Жети-Суу археол. экспедициясы жүргүзгөн. Шаар сепилден, шахристандан ж-а дыйкандар м-н кол өнөрчүлөр жашашкан турак үйлөрдөн туруп, сыртынан чеп м-н курчалган. Казуу учурунда дубалы сокмо ж-а бышпаган кирпичтен салынган үйлөрдүн калдыктары, чопо идиштер (кумара, табак, чыны), үй айбаттарынын сөөктөрү табылган. Табылгалардын ичинен уйгур алфавитиндеги жазуусу бар уйдун далысы өтө кызыгууну туудурат. Шаар 8-к-да пайда болуп, 15-к-да жок болгон.

АШРАФИ Мухтар Ашрафович (1912-ж. т.) — өзбек совет композитору, дирижёр, СССР эл артисти (1951). 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. 1934—36-ж. Москва, 1948-ж. Ленинград консерваториясын бүтүргөн. 1944-ж. Ташкен консерваториясында окутуучу, 1953-ж. проф. Ал Василенко м-н бирге туңгуч өзбек операсы «Бороон» (1939) ж-а «Улуу канал» (1941) операсын жазды. «Баатырдык симфония» (1942), «Дилором» (1958), «Акын жүрөгү» (1962) операларынын, «Сүйүү тумары» (1969) балетинин ж. б. чыг-лардын автору. А. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1943, 1952). Ленин ордени, дагы башка 3 орден м-н сыйланган.

АШТАРХАНИЛЕР — Бухара хандарынын династиясы (1599—1785); Астрахань хандарынын тарамынан чыккан. *Шейбанилер* династиясы кулаган соң тактыны ээлеген. А-дин эң атактуулары: Имам-кули (1611-42), Надир-Мухаммед (1642—45), Абд-ал-Азиз (1645-80), Субхан-кули (1680-1702), Убайдулла II (1702-11), Абу-л-Файз (1711-47). А. үстөмдүк кылган доордо ири өзбек уруулары *Бухарадагы* ж-а *Хорезмдеги* бийлик үчүн хандар м-н тынымсыз катуу күрөш жүргүзүп турушкан. Каракалпактар, казактар ж-а калмактар да узак убакыт бою аларга каршы күрөшүп келген. Мына ошол күрөштөрдүн баары өзбектердин Мангыт уруусунун Бухарада ж-а Конграт (Коңурат) урууларынын

сунун Хорезмде бийликке келүүсү м-н бүткөн.

АШТЫК, к. *Эгин.*

АШУБАЕВ Жекшен (1912, азыркы Түп р-ну, Маман кыш.,—1943, Ростов-на-Дону) — кыргыз совет жазуучусу. 1925—1931-ж. Түптөгү а. ч. техникумунда окуган. «Кочкор», «Оргочор» с-здорунун саясий бөлүмүндө иштеген (1931—36). Каракол райком комсомолунун секретары, Кырг-н ЛКСМ обком комсомолунун секретары (1936—37), Кыргыз ЭКСтин алдындагы иск-во иштери б-ча башкармасынын начальниги болуп кызмат кылган, Кырг-н жазуучулар союзунун аппаратында, Чүй райоңосунда иштеген (1937—41). Ата Мек. согушта курман болгон. А-дин чыг-лык иши 1939-ж. башталат. Балдарга арналган «Кайырдуу достор» поэмасы (1940), кыргыз интеллигенциясынын турмушунан алып жазган «Терең көчүү» повести (1941), «Мөмөлөрүм» пьесасы ж. б. чыг-лары бар. «Достук» аңгемеси, «Коштошуу» драмасы согуш темасына арналган.

Чыг.: Кайырдуу достор, Фр., 1940; Терең көчүү, Фр., 1959.

АШУГ, ашык — азербайжандын, ага коңшулаш айрым сов. элдердин ж-а осмон түрктөрдүн эл ырчысы, дастан айтуучусу. Азербайжанда А. термин катары 15-к-дан бери белгилүү. А-дар поэзиясынын ондогон формалары, түрлөрү бар. А-дар өз чыг-ларынан башка элдик ырларды, эпикалык чыг-ларды (дастандарды) да аткарат. Сов. доордо А. чыг-ларынын мазмуну өзгөрдү. А-дардын съездери, слёттору өткөрүлүп, чыг-лар жыйнагы бастырылууда.

АШУУ — тоо кыркасындагы же тоо массивиндеги өтүүгө мүмкүн болгон айрык же кайкы жер. А. бийик же жапыз, өтүүгө оңой же катаал болот. Кээ бир А. түбөлүк кар ж-а мөңгү зонасында жатат. Кырг-ндагы маанилүү А-лар: *Долон, Төө-Ашуу, Ала-Бел, Талдык, Кызыл-Арт, Чапчыма* ж. б. Булар аркылуу респ-канын ж-а О. Азиянын эң негизги экон. р-ндорун байланыштыруучу шоссе жолдору өтөт. А. бел, даван, кайкы деп да аталат.

АШХАБАД (ар. ашк—ашык, ир. абад—шаар, мурда — Асхабад, 1919—27-ж. — Полторацк) — Түркмөн ССРинин борбору (1924-жылдан). Копетдаг тоосунун этегинде, деңиз деңг. 214—240 *м* бийиктикте, О. Азия (Ташкен — Красноводск) т. ж-нун боюнда жайгашкан, шоссе жолдор тоому. Калкы 280 миң (1974). А. байыркы Асхабад кыш-нын ордуна аскер чеп катары 1881-ж. курулуп, Закаспий обл-нын админ. борбору болгон. 1905-ж. мында с.-д. уюм түзүлүп, темир жолчулар м-н жумушчулар 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышкан. 1917-ж. декабрда А-да Совет бийлиги орногон. 1918-ж. 11—12-июлда англ. агенттердин колдоосу б-ча эсерлер м-н ак гвардиячылар бийликти



Ашхабад. 1. Министрлер Советинин үйү. 2. Көчөлөрүнүн бири.

тартып алышкан. 1919-ж. 9-июлда сов. аскерлер А-ды интервенттер м-н ак гвардиячылардан бошотту. 1919-ж. 17-июлда шаар Түркстанда Совет бийлиги үчүн күрөштүн уюштуруучуларынын бири П. Г. Полторацкийдин ысмынан аталган. 1924-жылга чейин А.— Түркстан АССРинин борбору. 1924-ж. 27-октябрда Түркмөн ССРи түзүлгөндөн бери респ-канын борбору, 1927-жылдан Ашхабад деп аталды. Совет бийлиги орногондон кийин, А. ири ө. ж. ж-а маданий борборго айланды. Машина куруу, металл иштетүү, кебезден кездеме токуу, айнек жасоо, жибек жибин ийрүү, токуу, тамак-аш ө. ж. өөрчүгөн. 1969-ж. Байрам-Али — Ашхабад — Безеин газ түтүгү курулган. Шаар бир нече жолу (1893, 1895, 1929, 1948) жер титирөөгө дуушар болгон. Акыркы жер титирөөдөн шаар мүлдө кыйроого учураган. Ген. план б-ча шаардын кварталдары ирилештирилип, көчөлөрү кеңитилди. Лоджия, балкону бар көп квартиралуу, жер титирөөгө чыдамдуу 3—4 кабаттуу турак үйлөрү ж-а коомдук имараттар: Түркмөн ССР Мин. Советинин (арх. В. М. Новосадов), Түркм-н КП БКнын имараттары (арх. А. Н. Афанасьев, Е. А. Раевская), Түркмөн ССР ИАнын комплекси (арх. Л. К. Ратинов ж. б.) курулду. Түркмөн ун-ти, политех., а. ч., мед. ин-ттары, ИА, мамл. китепкана, музейлер, 4 театр, 51 мектеп, 12 атайын орто окуу жайы бар. 1969-жылдын 1-январына А-да 1505 врач, 2774 орто билимдүү мед. кызматкер иштеген. Ар миң кишиге 11,9 койка туура келет. А-да 2 диспансер, 2 сан.-эпид. станция иштейт.

АШШУР — Ассириядагы байыркы шаар. Б. з. ч. 4 миңинчи жылдары негизделген. Б. з. ч. 2 миңинчи жылдарда чоң соода борбору болуп турган. Б. з. ч. 18—11-к. Ассириянын борбору. 614-ж. мидийликтер талкалаган. Шаардын жалпы аянты 70 *га*, коргонууга ылайыкталган чептери болгон. Изилдөө убагында храмдар, дворецтер, үйлөрдүн калдыгы табылган.

АШШУРБАНИПАЛ, Ашшурбанипал — Ассириянын падышасы (б. з. ч. 669—633-ж. чамасында). Ассирия мамлекетин сактап калуу үчүн аскердик ж-а дипл. күрөш жүргүзгөн. Өзүнүн падышалыгынын алгачкы жылдарында көтөрүлүш чыгарган Египетке каршы бир катар жортуулдарды жасап, аны багынтса да (655-ж. чамасында), Египет Ассириядан бөлүнүп кетет. А. бат. жагында Тир м-н Арвадды багынтат. Чыг. ж-а түн. жагындагы киммерийликтер, скифтер, персиялыктар ж-а мидиялыктар м-н күрөшөт. Б. з. ч. 653-ж. Вавилонду башкарып турган өзүнүн иниси Шамашшумукин А-га каршы көтөрүлүш чыгарат. Б. з. ч. 648-ж. Вавилонду каратып, андан кийин анын союздаштарын биринин артынан бирин талкалайт. Өмүрүнүн акыркы жылдарында (639-ж.) Эламды талкалайт ж-а араб тайпаларына каршы жортуул жасайт. А-дын буйругу б-ча он миңдеген тарыхый, диний ж-а ил. жазмалар жыйналган. А. китепканасы 1849—54-жылдагы казуулардан табылган.

«АШЫГ-ГАРИБ» — Кавказ м-н Ж. Чыгыш элдерине тараган дастан. Азербайжандарда «А.-Г-дин» тогуз варианты бар. Анын төртөө басмадан чыккан. Дастанда кедей Ашыг-Гарибдин бай үй-бүлөдөн чыккан Шахсенемге ашыктыгы баяндалат. Шахсенем Гарибди жети жыл күтөөрүн, жети жылда келбесе, башкага чыгаарын билдирип, экөө ажырашат. Гарибди күтө берип энеси эки көзүнөн ажырайт. Гарибди көрө албагандар аны өлдү деп угузуп, Шахсенемди Шахвеледеге алып бермек болуп той жасашат. Ошол учурда Гариб ырчынын кейпин кийинип, сыйкырдуу ат м-н жетип келип, тойго кирет да, ыры м-н Шахсенемге өзүн билдирип, душмандарын жеңип, эки ашык баш кошушат. Сыйкырдуу дарынын күчү м-н энесинин көзүн айыктырат. Бу дастандын сюжеттик мотивдери М. Ю. Лермонтовдун о. эле аттагы аңгемесине негиз болгон.

Ад.: Якубова С. З., Азербайджанское народное сказание «Ашыг-Гариб», Баку, 1968.

АШЫКТЫК ЫРЛАРЫ, сүйүү ырлары — дүйн. фольклордогу, асыресе кыргыз эл поэзиясындагы өнүккөн жанрлардын бири. Бул ырлар тарыхый процесстин натыйжасында, б. а. аял-эркектин арасында жеке сүйүү сезими пайда болгондо келип чыккан. А. ы-да адамдагы махабат сезими даңазаланат, сүйүшкөндөрдүн бири-бирине деген мээрими, ой-сезими, толгонуулары, арзаптары, армандары туюнтулат. Кыргыз оозеки поэзиясында А. ы. шарттуу түрдө 2 чоң топко бөлүнөт: 1-тобу жалпы жонунан «Секетпай» деп аталат. Буга «Үрпүкан», «Ак көйнөк», «Келинжан», «Ак чабак», «Паризат», «Асыл жар», «Ак селки», «Ак тамак» дегендей ырлар мисал. Мындай ырларда ашык болгондун сүйгөн кишисин көтөрө чалып мактоо, анын сулуулугуна суктанып жалбаруу, көркүнө тамшануу мотивдери басымдуулук кылат; А. ы-нын 2-тобу «Күйгөн» деп аталат. Буга «Күйдүм чок», «Дардисар», «Кермекаш» дегендей ырлар мисал. Буларда жекече сезимдер м-н катар социалдык мотивдер (заманга таарыныч, колдо жоктукка арман, коомдогу адилетсиздикке наразылык ж. б.) да орун алган. Кыргыздын сүйүү ырлары жайдары мүнөз келип, көркөмдүк жагынан бийик деңгээлге жеткен. Элдик махабат ырларынын нускалуу салттары ырчылар поэзиясында андан ары өнүктүрүлгөн.

Ад.: Закиров С., Токомбаева А., Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү, Фр., 1964.

АЭРАРИЙ (гр. aer — аба) — аба ваннасын кабыл алуу үчүн жасалып, күн нурунан калкалаган аянтча. А. чаңдуу ж-а уу-чуулу жерден алыс, деңиз же көл жээгиндеги, суу боюндагы, токой арасындагы ачык жерлерде курулат, к. *Аэротерапия.*

АЭРО... (гр. aer — аба) — татаал сөздөрдүн мааниси б-ча «аба» деген сөзгө туура келүүчү бөлүгү (мис., *аэровокзал, аэрология* ж. б.).

АЭРО СҮРӨТ, аэрофото сүрөт — атайын жабдылган самолёттон же башка учуучу аппараттан *аэро сүрөткө тартуу* процессинде тартылган жер бетинин фотогр. сүрөтү. Сүрөттүн оңүнө жараша карала ж-а түстүү А. с. болуп бөлүнөт. А. с-түн эл чарбасында ж-а ар кандай топогр. карталарды түзүүдө мааниси чоң, к. *Аэрофототопография.*

АЭРО СҮРӨТТӨРДҮ ОКУУ (ДЕШИФРЛӨӨ) — *аэро сүрөт* б-ча жер бетин изилдөө методу. Ага сүрөткө тартылган жер бетиндеги объекттерди табуу ж-а таануу, алардын сапаттык ж-а сандык мүнөздөмөлөрүн аныктоо, о. эле алардын натыйжаларын чийме, цифра ж-а жазуу түрүндө белгилөө ж. б. кирет. А. с. о. жалпы геогр. ж-а тармактык болуп бөлүнөт. Биринчисине топогр. ж-а ландшафттык А. с. о., калган башка түрлөрү экинчисине кирет. Методикалык жактан А. с. о. талаада ж-а камералкада жүргүзүлүүчү болуп бөлүнөт. А. с. о. чоңойтуп көрсөткүч айнектер (лупа), оптикалык проекторлор, *стереоскоп*, стереоскоптук көз айнектер, интерпретоскоп, *стереофотограмметрдик аспаптар* ж. б-дын жардамы м-н жүргүзүлөт. Кийинки учурда А. с. о. үчүн ЭЭМ да колдонулууда.

АЭРО СҮРӨТКӨ ТАРТУУ (ТҮШҮРҮҮ), аэросъемка — атайын жабдылган самолётко, вертолётко, спутникке же ракетага орнотулган *аэрофотоаппараттын* жардамы м-н абадан



Сүр. 1. Сүрөткө тартуу маршруту б-ча сүрөттөрдүн катталыш схемасы.

жер бетин сүрөткө тартуу. А. с. т. топогр. карта м-н пландарды түзүүдө, геол. жумуштарда, токой м-н жер байлыктарын изилдөөдө ж-а эсепке алууда, инженердик курулуштарды долбоорлоодо, о. эле эл чарбасынын башка тармактарында кеңири колдонулат. Сүрөт атайын аэрофотоаппарат м-н тартылат. Учуу мүнөзүнө карай жеке, маршруттук, аянттык, ал эми тартылган аэро сүрөттүн түрүнө жараша пландуу ж-а перспективдүү А. с. т. болуп бөлүнөт. Маршрутту белгилегенде тартылган бир сүрөттөгү жер участогунун аянтынын четки бөлүгү



Сүр. 2. Сүрөткө тартылган аянттардын маршрут б-ча камтылыш схемасы.

башка сүрөттө да тартылышы керек (1-сүрөт). Тартылган жанаша эки сүрөттүн кайталанышы узуну б-ча катталыш деп аталат; анын аянты адатта 60%ти түзөт. Кыйла кеңири участок үчүн А. с. т. учурунда аянттар бир канча жарыш маршруттар б-ча сүрөткө тартылып, бир маршруттун аэро сүрөттөрү кийинкиси м-н 30%ке чейин катталышат (2-сүрөт). А. с. т-да учуунун бийиктиги, аэро-



Сүр. 3. Сүрөттүн сыртынан багыттоо элементтери.

фотоаппараттын камерасынын фокустук аралыгы, убакыт ж-а маршруттун тартиби көрсөтүлөт. Кабыл алынган координаталар системасына карата сүрөттүн мейкиндиктеги абалын аныктоочу чоңдуктар сүрөттүн сырткы багыттоо элементтери (проектирлөө борборунун сызыктуу үч координатасы X_s, Y_s, Z_s ж-а координатанын үч огунун айланасында сүрөттүн бурулушун аныктоочу үч бурч) деп аталат (3-сүрөт). Сүрөткө тартылган чекиттердин мейкиндиктеги координаталарын аэро сүрөттөр б-ча аныктоо үчүн адегенде сүрөттөрдүн сырткы багыттоо элементтерин табуу талап кылынат. Бул болсо сүрөттө ачык көрүнгөн геод. чекиттин координаталарын табуу м-н байланыштуу. Учуп бараткында А. с. т. сырткы багыттоо элементтерин аныктоо үчүн *статоскопту*, радио бийиктик өлчөгүчтү, радиогеод. станцияларды колдонот. А. с. т-да жог. сапаттуу аэрофотообъективдер ж-а өтө аз деформацияланган аэроплёнка пайдаланылат. Сүрөт даана түшсүн үчүн аэроплёнка тегиздикте так жатышы керек ж-а затвор эң кичине убакытка (1:1000 *сек*) ачылууга тийиш. Жердин бети түшүрүлгөн сүрөт коюлган максатка ылайык карала ж-а түстүү болушу мүмкүн.

Ад.: Дробышев Ф. В., Основы аэрофотосъемки и фотограмметрии, 2 изд., М., 1963; Кучко А. С., Аэрофотография, М., 1974.

АЭРОБДОР, аэробдук организмдер (*аэро...* ж-а гр. bios — тиричилик) — дем алуу жагынан аэробдук типке кирген, б. а. эркин кычкылтектүү чөйрөдө гана жашоочу организмдер. Буларга эркин кычкылтек м-н дем алган жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр, тиричилиги үчүн чөйрөдөгү кычкылданууу (эркин кычкылтек катышкан) реакцияларынан бөлүнүп чыккан энергияны пайдаланган микроорганизмдер кирет. Дем алууда алынган кычкылтек катышканда денеде кычкылдануу реакциялары жүрүп, тиричилик процесстерине зарыл болгон энергия ж-а көмүр кычкыл газы бөлүнүп чыгат. А. облигаттык ж-а факультативдик болуп бөлүнөт. Облигаттык А. (чыныгы) кычкылтектүү чөйрөдө гана, факультативдик А. (чала) кычкылтексиз чөйрөдө да жашайт.

АЭРОВОКЗАЛ — аба транспорту м-н жүргүнчүлөрдү тейлей турган имарат. А-дын комплексине анын имараты, перрон, вокзал аянты, касса, жүргүнчүлөрдү тейлөөчү бөлмөлөр, ресторан, кафе, буюмдар сактап берүүчү жай, күтүү залы ж. б. кирет.

АЭРОГЕОЛОГИЯЛЫК СЪЁМКА, к. *Фотогеологиялык методдор.*

АЭРОДИНАМИКА — *гидроаэромеханиканын* абанын кыймыл закондорун ж-а абага карата кыймылда болуучу катуу нерселердин беттеринде пайда болгон күчтөрдү изилдөөчү бөлүгү. А-нын негизги милдеттеринин бири — үн ылдамдыгына (340 *м/сек*) чейинки

ылдамдык м-н учуучу аппараттарга таасир эткен А-лык күчтөрдү эсепке алып, ал аппараттардын долбоорун иштеп чыгуу. Долбоорлоо мезгилинде учуучу аппараттын сапаттарын: учуу ж-а конуу, бийиктикке көтөрүлүү, крейсердик ж-а тех. ылдамдыктары, учуунун алыстыгы, көтөрүлүүнүн эң чоң бийиктиги ж-а жүк көтөрүмдүүлүгү А-лык эсептөөлөрдө аныкталат.

А. өзүнчө илим катарында 19-к-дын башында пайда болду. Жаңыдан өнүгө баштаган авиация самолёттун ж-а анын тетиктеринин А-лык каршылыгын, аба винтинин тартуу ж-а канаттын көтөрүү күчтөрүн эсептөөнүн теориясын ж-а методдорун иштеп чыгууну талап кылды. Алардын теориясын 1-жолу орус окумуштуулары К. Э. *Циолковский* ж-а Н. Е. *Жуковскийлер* иштеп чыгышкан. Канаттын көтөрүү күчүн эсептөө теориясын Россияда Н. Е. Жуковский м-н С. А. Чаплыгин, Германияда В. Кутта, Англияда Ф. Ланчестер иштеген. А. теориялык ж-а эксперименттик болуп бөлүнөт. Биринчиси гидроаэромеханиканын негизги закондоруна теориялык анализ жүргүзөт. Абанын илээшкектүүлүгү эске алынат да, кыймылдоочу нерсенин айланасындагы аба мейкиндиги эки катмарга ажыратылып изилденет: 1) нерсенин бетине жакынкысы — чектик катмар, мында абанын илээшкектик таасири чоң; 2) чектик катмардын сыртындагысы, мында абаны идеалдык газ түрүндө кароого болот. Татаал формадагы нерселердин кыймылдарын изилдөөдө чектик катмарда абанын турбуленттүүлүк агымын эске алганда, теориялык А. окшоштук ж-а моделдештирүү теорияларына таянат. Окшоштук теориясы ж-а моделдештирүү маселелери — эксперименттик А-нын негизи. А-нын негизги милдети — моделдерди атайын установкада сыноо жолу м-н А-лык күчтөрдүн сан маанисин эсептөө. Учуучу аппараттардын кичине моделдери А-лык трубага бекитилип, керектүү ылдамдыктагы абанын агымы м-н үйлөтүлөт. Натыйжада моделге аракет кылуучу күчтөрдү, ылдамдыктардын бөлүнүштөрүн, моделдин алдындагы, артындагы абанын тыгыздыгын ж-а темп-расын өлчөгө болот. Учуучу нерсенин ылдамдыгы өскөн сайын (үндөн ылдам), аны курчаган абанын кысылуу касиети эсепке алынат. Бул учурда согуу толкуну пайда болуп, абага сүрүлүүдөн учуучу аппараттар ысыйт. Нерсенин бул учурдагы кыймыл закондорун А-нын газодинамика бөлүгү үйрөтөт.

Ад.: Фабрикант Н. Я., Аэродинамика, ч. 1, М.—Л., 1962; Аржаников Н. С., Садекова Г. С., Аэродинамика высоких скоростей, М., 1965.

АЭРОДИНАМИКА КАРШЫЛЫГЫ — абада кыймылда болгон нерсенин ылдамдыгына ар дайым карама-каршы багытталган аэродинамика күчүнүн бири. Учуучу аппараттарга аэродинамика эсептөөлөрүн жүргүзүүдө А. к-ын аныктоо өтө зарыл. А. к.— нерсенин кинетикалык энергиясынын жылуулукка айланган бөлүгү, ал учуучу нерсенин формасына, өлчөмүнө, ылдамдыгына ж-а нерсе учуп бараткан чөйрөнүн касиетине көз карандуу. Анын чоңдугу $x = c_x \frac{\rho v^2}{2} s$ формуласы м-н аныкталат. c_x — каршылыктын аэродинамикалык коэффициенти, ρ — чөйрөнүн тыгыздыгы; v — нерсенин чөйрөгө карата ылдамдыгы, s — нерсенин аянты. Кадимки чөйрөдө А. к. нерсенин бети м-н чөйрөнүн ортосундагы чектик катмардын ички сүрүлүүсүнөн, кагуу толкундардын ж-а куюндардын пайда болушунан келип чыгат.

АЭРОДИНАМИКАЛЫК КҮЧ — кыймылдагы нерсеге (мис., самолётко) газ абалындагы чөйрөнүн тийгизген таасирин мүнөздөөчү чоңдук. Нерсе-



Аэродинамикалык күчтүн агымындагы координата системасына *X, Y, Z* ж-а байланышкан системаларда *T, N, Z* түзүүчүлөргө ажырашы; *Z* огу сүрөттө көрсөтүлгөн эмес, ал чиймении тегиздигине тик багытталган.

го таасир этүүчү басым ж-а сүрүлүү күчторүнүн тең аракет этүүчүсү А. к-тү түзөт.

АЭРОДИНАМИКАЛЫК ЫСУУ — абада же газ чөйрөсүндө чоң ылдамдык м-н кыймылда болгон нерсенин ысышы. Кыймылдагы нерсенин тегерегиндеги аба молекулалары ал нерсенин бетине жакынкы чектик катмарда ж-а нерсенин маңдайында пайда болуучу кагуу толкунундагы тоскоолдукка учурайт. Аба молекулалары тоскоолдукка учураганда, алардын жылуулук энергиясы жогорулайт. Ысыган газдын жылуулугу кыймылдагы нерсеге өткөндө, А. ы. пайда болот. А. ы. конвекциялык ж-а радиациялык болуп бөлүнөт. Чектик катмардан жылуулук нерсенин бетине берилген учурда конвекциялык ысуу келип чыгат. Учуу ылдамд. 5000 *м/сек* дан жогору болгондо, кагуу толкунуна чектеш газдын темп-расы өтө жогорулап, газ нурлана баштаганда, б. а. жог. темп-радагы чөйрөдөн энергия нерсенин бетине нур аркылуу берилгенде, радиациялык ысуу жаралат.

Ад.: Основы теплопередачи в авиационной и ракетной технике, М., 1960.

АЭРОДРОМ (*аэро...* ж-а гр. drómos — жүгүрүү, жүгүрүү оруну) — самолёттордун учуруу, кондуруу, орунга жайлаштыруу ж-а тейлөө үчүн арналган курулуштардын, жабдуулардын ж-а жер участогунун комплекси. А. гражд. ж-а аскердик болуп бөлүнөт, А-до учуу-конуу тилкеси, жүгүртүү жолдору ж-а самолёт токтоочу аянтча болот. Башкы учуу-конуу тилкеси шамалдын багытына ылайыкталып, самолёттун учуу-конуу аралыгы бир кыйла кыскартылат. Учуу тилкесине темир-бетон плиталары төшөлөт да, эки жак капталына топурактан коопсуздук тилкелери жасалат. Жүгүртүү жолдору учуу талаасынын айрым элементтерин өз ара байланыштыруу үчүн пайдаланылат. Учуу-конуу тилкесинин узундугу жерг. шартка — атмосф. басымга, абанын темп-расына, жер бетинин эңкейишине жараша 1000—5000 *м* ге жетет (туурасы 200—360 *м*). Метеорол. татаал шарттарда самолёттордун учуу-конуу коопсуздугун камсыз кылуу максатында А. атайын жарык берүүчү системалар ж-а радиотех. аппараттар м-н жабдылат.

АЭРОЗОЛДОР (*аэро...* лат. solutio — эриме) — көзгө оңой м-н илээшпеген майда нерселердин (дисперсияланган бүркүндүлөрдүн) абада же газда чаңгыттап турушу. Табиятта кезигүүчү А.: түтүн, боз, булут ж-а туман. Биринчилеринин манмайда бүркүндүлөрү катуу нерселердин тоскокторунан, экинчилериники суюктуктардын бууларынан турат. Дисперсия фазасы (абадагы манмайда бүркүндүлөр) өсүмдүктөрдүн чаңынан, мителердин тукумдарынан, вирустардан, микроорганизмдерден түзүлсө, биол. А. деп аталат. Чаңдын тозоңу калкып көтөрүлүп, абаны булгап, боз тунарык түшүрүү да А. болот. Эгинге, чөпкө зыян келтирүүчү курт-кумурска, чегиртке, кенелерди кыруу, пахтанын жалбырагын түшүрүү, эгин аянттарын ж-а жайыттарды отоо чөптөрдөн арылтуу, турак үйлөрдү, өндүрүш жайларын, мектептерди, мал короолорун, сарайларын ж. у. с-ды дезинфекциялоо үчүн, оорулуу кишилерге ж-а ылаңдаган малга дары жыттатууда аэрозолдук методдор кеңири колдонулат.

АЭРОЗОЛДОН ДАРЫЛОО — оорулуу адамды же малды дары аэрозолу м-н дарылоо. Оорулуу адам таблетка же суюк түрүндөгү дарыны ичө албаса же ичүүгө мүмкүндүгү болбосо, дарыны майдалап, оорулуу жаткан бөлмөгө же анын дем алуу системаларына жакындатып, чачып берүү аэрозольтерапия деп аталат. Дарылардын бөлүкчөлөрүнүн майдаланышына жараша дем алуу органдарына терең же үстүртөн кириши мүмкүн. Аэрозоль түрүндө берилген дарылар өтө майда болсо, өпкөнүн альвеолдоруна чейин жетип, а жерде кармалып кала тургандыгы аныкталган. Аэрозольтерапия табигый ж-а жасалма болуп бөлүнөт. Табигыйына таза аба, озон, терс ж-а оң заряддуу ж. б. иондор кирет. Дарыларды буу, газ, чаң түрүндө колдонуу — жасалма аэрозольтерапия. Медицинада ингаляциялар көп колдонулат. Бул да — аэрозольтерапиянын бир түрү. Кийинки жылдары адамдын өпкө ооруларында антибиотиктерди, сульфаниламид препараттарын аэрозоль түрүндө колдонуу башка жолдорго салыштырганда жакшы натыйжа берет.

АЭРОИОНОТЕРАПИЯ (*аэро..., ион* ж-а *терапия*) — абадагы иондор м-н дарылоо. Атмосф. абада белгилүү өлчөмдө электр заряддуу бөлүкчөлөр — иондор бар. Иондорду негизинен жердин радиоактивдүүлүгү, космостук ж-а ультра кызгылт көк нурлар жаратат. Айрым жерлерде (тоодо, шар аккан суулардын боюнда, деңиз-көлдүн жээктеринде) иондор арбын болору илимде далилденген. Аэроиондор адамдардын организмине өпкө ж-а тери аркылуу оң таасирин тийгизет. Аэроиондордун дарылоо дозалары кан жүрүү системаларына, айрыкча гипертония ооруларына жакшы жардам бере турганы аныкталган. Бул ооруларга каршы терс заряддуу иондор кеңири колдонулат. Бронхиалдык астма ж-а нерв системасынын ооруларын дарылоодо А. жакшы натыйжаларды берет. Өлкөбүздүн з-ддорунан чыгарылган аэроионизаторлор дарылоо мекемелеринде кеңири колдонулуп жатат.

АЭРОКЛИМАТОЛОГИЯ — атмосферадагы климаттык шарттар ж-дөгү илим; *климатологиянын* бир бөлүгү. А. үчүн негизги материалдар болуп, көп жылдык байкоо м-н радиозонддоонун ж-а учуучу шар станцияларынын маалыматтары эсептелет (*к. Аэрология*). А-нын милдети — негизги метеорол. элементтердин үч өлчөмдүү бөлүнүшүн ж-а өнүгүшүн эмпириялык жол м-н аныктап, теориялык жактан түшүндүрүү. А-нын маалыматтары атмосферанын жалпы циркуляциясынын үч өлчөмдүү көрүнүшүн ж-а ага байланыштуу жер шарындагы темп-ранын, нымдуулуктун режимин аныктоого мүмкүндүк берет. Аба трансп. катнашын камсыз кылууда А-лык изилдөөлөрдүн практикалык мааниси чоң.

АЭРОЛОГИЯ (*аэро...* ж-а гр. logos — илим) — атмосф. физикасынын атмосферанын жог. катмарындагы физ. процесстер м-н кубулуштарды изилдөөчү бөлүгү. А. атмосферанын составы м-н түзүлүшүн, жаан-чачын м-н булуттун пайда болушун ж-а алардын өнүгүүсүн жонго салуу жолдорун, аба массаларынын бири бирине тийгизген таасирин д. у. с-ды изилдейт. А. атмосфераны изилдөөнүн түрлүү методдорун иштеп чыгуу ж-а алар үчүн приборлорду (к. *Аэрологиялык приборлор*) ойлоп табуу иштерин да жүргүзөт. А-лык изилдөөлөр электрондук аппаратуралардын, авиациянын, ракеталык ж-а метеорол. спутник техникасынын, о. эле А-лык обсерваториялар ж-а станциялардын жардамы м-н жүргүзүлөт.

АЭРОЛОГИЯ СТАНЦИЯСЫ — атмосфераны такай изилдеп туруучу метеорол. мекеме. А. с. радиолокатор же радиотеодолит м-н жабдылып, алардын жардамы м-н *радиозонддун* учушуна байкоо жүргүзөт. Атмосферанын 30—40 *км* ге чейинки бийиктигинде болуучу шамалдын ылдамдыгын, абанын темп-расын, басымын ж-а нымдуулугун радиозонддун сигналы аркылуу аэрология радиолокатору кабыл алат. Алынган маалыматтар атмосфераны изилдөөдө ж-а аба ырайын прогноздоодо пайдаланылат. Дүйнө жүзүндөгү 1000 ден ашык А. с-нын 200дөн көбү СССРдин аймагында. Алар бири биринен 200—300 *км* аралыкта жайгаштырылган.

АЭРОЛОГИЯЛЫК ПРИБОРЛОР — атмосферанын жог. катмарларындагы абанын басымын, ылдамдыгын, темп-расын, нымдуулугун, булуттарды, күндүн радиациясын, атмосферанын турбуленттүүлүгүн, озон м-н аэрозолдун топтолушун, электр талаасынын потенциалын ж. б. өлчөө үчүн колдонулуучу приборлор. Негизги А. п.— метеорограф, радиозонд, самолётко орнотулган шар зонд. Кеңири аймакты ээлеген атмосферанын өлчөмү самолётторго орнотулган метеорол. лабораториялардын жардамы м-н ченелет. Атмосферанын 100 *км* ж-а андан бийик катмарларындагы абанын темп-расын, басымын, тыгыздыгын өлчөө үчүн метеорол. ракеталар, өтө кең мейкиндиктеги атмосфераны изилдөө үчүн метеорол. спутниктер пайдаланылат.

Ад.: Калиновский А. Б., Пинус Н. З., Аэрология, ч. 1, Л., 1961.

АЭРОМАГНИТОМЕТР — Жердин магниттик талаасын учма аппараттан ченөөчү прибор. Индукция принцибинде жасалган А-дин геомагнит талаасын сезгич бөлүгү зым м-н оролгон айланып турчу рамадан турат. Жер магнетизминен рамада пайда болгон электр тогу магнит талаасынын өлчөмүн көрсөтөт. *Аэромагниттик съемкада* колдонулуучу феррозонддуу А-дин иштеши магниттик каныгуу касиетине негизделген. А-ге самолёттун электр-магниттик талаасы таасир этпес үчүн, анын сезгич бөлүгү самолёттун сыртына орнотулат, ал эми так өлчөөлөрдө ал 30—50 *м* кабель м-н сүйрөтүлүп коюлат. А-лердин ядролук (протондук) ж-а кванттык түрлөрү да болот, практикада «АММ-13» А. көп колдонулат.

АЭРОМАГНИТТИК СЪЁМКА — атайын жабдылган самолёттор, вертолёттор ж-а спутниктердеги аппараттар м-н жердин магнит талаасын изилдөө методу. Ал изилденчү жердин магниттик чыңалуу күчүнүн тике багыттуу вектор бөлүгүн же жер магнетизминин толук векторун тынымсыз автоматтуу түрдө аэромагнитометр м-н ченөөгө негизделген. А. с. методу тоо тектердин айрым түрлөрүн ажыратууда, геол. карталарды түзүүдө ж-а темир, боксит ж. б. кендерин издөөдө колдонулат. Съемканын масштабына жараша маршруттардын аралыгы 500 *м* ден 10 *км* ге чейин өзгөрөт. Маршруттар геол. структуралардын туурасын карай бири бирине жарыш жүргүзүлөт. Мында самолёт бир калыптагы бийиктикте учууга тийиш. А. с-нын жыйынтыктары изокарталар ж-а графиктер түрүндө көрсөтүлөт.

Ад.: Логачев А. А., Магниторазведка, 3 изд., Л., 1968.

АЭРОМЕТОДДОР (Жерди изилдөөдө) — жер бетин, андагы кубулуштарды, табигый ж-а өздөштүрүлгөн ландшафттарды атайын жабдылган самолёттун, вертолёттун, спутниктин же ракетанын жардамы м-н изилдөө ж-а картага түшүрүү жолдору. Жер бетинин ж-а андагы кубулуштардын физ. касиеттери электр-магниттик толкундардын ар кандай спектр зоналары б-ча түрдүү приборлор м-н абадан кабыл алынып катталат. Ошого байланыштуу А. аэрофотографиялык, фотоэлектрондук, аэрогеофизикалык ж-а аэровизуалдык болуп бөлүнөт. А-дун 1-этабы — жер бетинин көрүнүшүн учуучу аппараттан сүрөт же регистрограмма түрүндө тартып алуудан, 2-этабы алардын мазмунун изилдөөдөн турат. А-дун негизинде жер бети ж-а андагы кубулуштар ж-дө көп маалымат качан бул эки этап өзгөчөлүгүнө ж-а коюлган максаттын маанисине жараша бири бири толуктаганда гана алынат. А. түрдүү изилдөө процесстерин ылдамдатуу ж-а эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу м-н алардын сапаттуулугун арттырып, изилдөөгө көмөк берет. А. өз алдынча же жер бетинде колдонулуучу башка методдор м-н бирге эл чарбасынын көп тармагында (геологияда, геодезияда, токой чарбасында ж. б-да) кеңири пайдаланылат.

Ад.: Аэрометоды изучения природных ресурсов, М., 1962; Аэрометоды при геологической съёмке и поисках полезных ископаемых, т. 1—2, М., 1964.

АЭРОН — кустурбоочу дары, составында алкалоиддердин камфор кычкыл туздары бар таблетка. Чайкалуудан жүрөк айланганда (аба ж-а деңиз ооруларында), кош бойлуу аялдардын талгагында колдонулат. Анын таасири ичкенден 1 *с* 30 *мин* өткөндөн кийин башталып, 6—12 *с* ка чейин созулат. Бир жолу 2ден, суткасына 4 таблеткадан ашык ичүүгө болбойт.

АЭРОНАВИГАЦИЯ — учуучу аппараттарды башкаруунун теориясы ж-а практикасы ж-дөгү илим. Белгилүү бийиктикте самолёттун учуу багытын өзгөртпөстөн, баруучу жерине өз убагында жеткирүү А-нын негизги милдеттерине кирет. А. б-ча самолёттун экипажы анын кайсы жерде баратканын, учуу багытын, ылдамдыгын, бийиктигин аныктап турат. А-да самолёт айдоонун түрлүү ыкмалары тех. каражаттардын (компас, ылдамдык ж-а бийиктик өлчөгүч, гиромагниттик компас, гировертикаль, автопилот, *авиагоризонт*, авиац. секстант, астрокомпас, радио ж-а инерциялык навигация) жардамы м-н изилденет, к. *Навигация*.

АЭРОНОМИЯ (*аэро...* ж-а гр. nomos — закон) — абадагы атом м-н молекулалардын өз ара ж-а алардын күн нуру

м-н аракеттенишине байланыштуу болгон физ. ж-а хим. кубулуштарды изилдөөчү атмосф. физикасынын бир тармагы. А. изилдөөчү маселелердин эң негиздүүлөрү: бийиктик б-ча температ-раны, тыгыздыктын болүнүшү; ионосферадагы электрондордун топтолушунун профили; уюлдук жаркыроо, жердин радиациялык курчоолору (поястары) ж. б. А-нын милдети — аталган маселелерди изилдөө м-н бирге алардын себептерин түшүндүрүү.

АЭРОПОНИКА *(аэро...* ж-а гр. *ponos* — жумуш), аба өсүмдүгү — өсүмдүктөр топурагысыз же аны алмаштыруучу перселерди колдонбой өстүрүү. Өсүмдүктөрдү азык заттар м-н камсыз кылуу үчүн тамырына мезгил-мезгилп м-н (ар бир 10—20 *мин*) азык зат эритмелерин бүркүтүрүү жолу м-н жүргүзүлөт. А. методун 1910-ж. орус окумуштуусу В. М. Арциховский ил. тажрыйба үчүн сунуш кылган. Кийинчерээк А. жашылча ж-а гүл өстүрүүдө кеңири пайдаланыла баштады. А-нын космостук станцияларда, кораблдерде өсүмдүктөрдү өстүрүүдө өзгөчө мааниси бар.

АЭРОПОРТ — жүргүнчүлөрдү, ар кандай жүктөрдү аба транспорту б-ча жеткирүү жумуштарына арналып курулган аба порту. Жабдылышына ж-а самолётту кабыл алуу, тейлөөсүнө жараша А. жергиликтүү, союздук ж-а эл аралык болуп



Фрунзе аэропорту. 1957-ж.

бөлүнөт. А-тор радиолокациялык, автоматтык, радиотех. аспаптар ж-а навигациялык түзүлүштөр, метеорол. жабдуулар м-н жабдылып, миңдеген *га* аянтты ээлейт. А-тун карамагында *аэровокзал*, почта, жүк кабыл алуучу ж-а жолотүүчү бөлмөлөр, мейманкана ж-а диспетчер пункту болот, к. *Аэродром*, *«Манас» аэропорту*.

АЭРОСТАТ *(аэро...* ж-а гр. *statós* — туруучу) — абада учуучу жеңил аппарат. А-тын көтөрүлүү күчүн пайда кылууда чел кабыкчасына абадан жеңил, тыгыздыгы аз газдар (гелий, суутек) толтурулат. А-тын башкарылуучу *(дирижабль)*, башкарылбоочу *(стратостат)* ж-а байланма түрлөрү бар. Эркин А-тын учуу бийиктигин жогорулатуу үчүн андагы жүктөрдөн (кум салынган мешок) ыргытып салмагын, ал эми төмөндөтүү үчүн көлөмүндөгү газдан клапан аркылуу сыртка чыгарып, көтөрүү күчүн азайтуу аркылуу жүргүзүлөт. Эркин А-тар спортто, изилдөө иштеринде колдонулат; аларга радиотелеметрдик жабдуулары бар радиозонддор, шарпилоттор, автоматтык түрдө башкарылуучу метеорол. А-тар кирет. Байланма А. согуш убагында аба чабуулунан коргонуу ж-а артиллериянын огу түшкөн жайларды белгилөө үчүн пайдаланылат.

АЭРОСТАТИКА — гидроаэромеханиканын газ абалындагы чөйрөдө (негизинен атмосферадагы) тең салмактуулукту изилдөөчү бөлүгү. А-да атмосф. басымдын бийиктикке карата өзгөрүшү ж-а абада сүзүүчү персени карап туруучу күчтөр аныкталат.

АЭРОТЕРАПИЯ *(аэро...*, therapeia — дарылоо) — ачык абада дарылоо. А-нын максаты — организмди кычкылтек м-н камсыз кылып, анын сырткы темп-раның терс таасирлерге чыдамдуулугун жогорулатуу. А-нын негизги формасы — аба ваннасы. Таза абада болуунун өлчөмү жыл мезгилине, аба ырайына, денеңин чыдамдуулугуна, ден соолукка жараша суткасына 1—2 *с* тан 12—24 *с* ка чейин созулат. Аба ваннасын кабыл алуу убактысы аста-аста көбөйтүлүп, ачык абада, бак-дарак көлөкөсүндө, үй ичинде нымдуу сүлгү м-н сүртүнүү, душка, сууга түшүү м-н айкалыштырылып жүргүзүлөт. А-дан кийин организмдин айлана-чөйрөнүн терс таасирлерине чыдамдуулугу жогорулап, мээ, жүрөк, кан тамырлардын иштеши жакшырат.

АЭРОФАГИЯ *(аэро...* ж-а phagéin — жаш), жел жутма — кекиртме дарт. Бул дарт ургундай жылыкыда, сейрегирээк букада, чочкодо кезигет. Мал жем-чөп жеп же суу ичип жатканда, акырдын кырын кабый тиштеп, мойнун сунуп, демин токтотуп, өңгөчүн тартып, жел жутат да, кайта жел кекирет. Бул өнөкөткө айланса, мал ич көпөс дартка чалдыгат. Дарылоо жакшылыктуу натыйжа бербейт. Муну күнүгө моцион жасап, кесек тоютту каалашынча берип, жылкыны тантоо м-н койдурат.

АЭРОФИТТЕР *(аэро...* ж-а гр. *phytón* — өсүмдүк) — даректардын бутактарында ж-а таштардын беттеринде өсүп, керектүү азык-заттарын атмосферадан алуучу өсүмдүктөр. А-ге тропиктик токойлордо өскөн кай бир гүлдүү өсүмдүктөр кирет. А-дин тамыры өскөн жерине бекип туруу үчүн гана керек (к. *Эпифиттер*). А-ге *жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктөрдөн* өңгилчектердин көпчүлүгү, кээ бир мохтор, балырлар кирет. Кургакчылык мезгилде аэрофиттүү өңгилчектер ж-а мохтор толук курган калууга да туруштук берет. Мында алар *анабиоз* абалында болот.

АЭРОФОТОАППАРАТ — атайын жабдылган самолёттон, вертолёттон, спутниктен же ракетадан жер бетинин аэро сүрөтүн тартууга арналган оптика-мех. аппарат. Сүрөткө тартуу өзгөчө шарттарда жүргүзүлгөндүктөн, А-ка белгилүү талаптар коюлат ж-а ал кадимки *фотоаппараттардан* толук автоматташтырылышы, таяныч рамасынын амортизацияланышы, сүрөт форматынын чоң болушу, кадрлардын алдам алмаштырылышы м-н айырмаланат. Алгачкы А-ты 1-дүйн. согуш убагында орус аскер инж. В. Ф. Потте ойлоп чыгарган. А-тар негизинен фокустук аралыктарынын чондугу ж-а тартылган аэро сүрөттөрдүн өлчөмү б-ча бир нечеге ажыратылат. СССРде фокустук аралыктары 50 *мм* ден 500 *мм* ге чейинки азыркы А-тар м-н 18×18 ж-а 30×30 *см* өлчөмдөгү аэро сүрөттөрдү тартуу кабыл алынган. А.— аэрофотокамера, 60 *м* же 120 *м* аэроплёнка бата турган кассета, аэрофото орноткуч ж-а командалык аспан сыяктуу негизги бөлүктөрдөн турат. А. топогр. ж-а чалгындоочу болуп экиге бөлүнөт. А. пландуу, перспективалуу ж-а панорамалуу сүрөттөрдү түшүрүү үчүн бир ж-а көп (2—9) объективдүү болушу мүмкүн.

АЭРОФОТОТОПОГРАФИЯ — *аэро сүрөттөр* б-ча *топографиялык карталарды* түзүү методдорун изилдөөчү илимдин тармагы. А-да айкалыштырылган (комбинацияланган) ж-а стереотопогр. деген эки метод колдонулат. Биринчисинде картанын контурдук бөлүгү аэро сүрөттөрдүн негизинде түзүлүп, ал эми жер бетинин түзүлүш рельефи менаулдук съемка б-ча түшүрүлгөн горизонталдар м-н көрсөтүлөт. Экинчиси — контурлар ж-а 1 : 2000 ж-а андан кичине масштабдагы топогр. карталарды түзүүдө негизги метод, анда горизонталдар аэро сүрөттөрдөн фотограмметриялык жол м-н чийилет. Стереотопогр. съемканын негизги процесстерине: аэро сүрөттөрдү тартуу, фотографиялык ж-а талаадагы топогр.-геод. иштерди жүргүзүү, о. эле фотограмметриялык иштетүүлөр кирет. Топогр.-геод. иштерде аэро сүрөттөгү даана көрүнгөн кээ бир чекиттердин (перселердин) геод. координаттары талаада аныкталат. Бул жер бетиндеги геод. координаталарды аныктоочу чекиттердин саны түзүлүүчү картанын масштабына, жердин физика-геогр. шартына ж-а аэро сүрөттүн сапатына жараша болот.

Ад.: Веселовский Н. Н., Аэрофототопография, М., 1958; Коншин М. Д., Аэрофотограмметрия, М., 1967.

АЭРОЦИСТИТ (гр. *аэро...*, *kystis* — кабы) — өрдектүн жөжөлөрүнүн ж-а жылкынын аба капчыгынын былжырлуу челинин сезгенишп. А. жылкыда тарсылдак безинин, таноонун, кеңилжээрдин сезгенишинен пайда болот. Жылкынын темп-расы көтөрүлүп, таноосунан ириң аралаш суюктук агат.

Выборг же Чубарь методу м-н операция жасалат. Өрдөк жөжөлөрү бул хартка суукка урунуудан чалдыгат. Жөжөлөрдү көлчүккө көб бербей, абанын нымдуулугу 60-70% болгон жөжөканада багып, жемге антибиотик кошулуп берилет.

АЭРОЧАНА — аба винти м-н кыймыга келтирилүүчү чана. А-нын лыжаларга орнотулган кузову жеңил материалдардан жасалып, аны кыймыга келтирүү үчүн 25 *а. к.* нон кем болбогон кубаттуулуктагы авиац. кыймылдаткыч колдонулат. Чананын артында 2 лыжа ж-а алды жагында руль механизми м-н башкарыла турган 1 же 2 лыжа орнотулат. Лыжалар жыгачтан жасалып, таманына металл капталат, же бүтүндөй калдыркан дюралюминийден жасалат. Кубаттуулугу 100 *а. к.* не барабар болгон кыймылдаткычтуу А. 100 *км* аралыкка 40 *кг* бензин ж-а 3 *кг* май сарп кылат. А-нын ылдамд. 25÷140 *км/с* ка жетет. А. эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында, арктика экспедицияларында, аэродромдо пайдаланылат.

АЭРОЭЛЕКТРДИК ЧАЛГЫНДОО — самолётто же вертолётто орнотулган атайы аппараттардын жардамы м-н жер бетиндеги тоо тектердин магниттик, электр-магниттик, индукциялык кубулуштарын изилдөө, чалгындоо методу. А. ч. методу СССРде (1955-ж.), Швецияда, Канадада ж-а АКШда иштеп чыгарылган. Пайдалуу кендерди издөөдө, *геологиялык съемкада* ж-а *гидрогеологиянын* кээ бир маселелерин чечүүдө кеңири колдонулат. А. ч-до электр-магниттик толкундарды жаратуучу ж-а тараткуучу генератор рамасы колдонулат. Учуу мезгилинде рамадан жиберилген электр-магниттик толкундар тоо тек катмарларына, рудаларга өтүү м-н электр (вихрь) тогун пайда кылып, анын түрдүү даражадагы электр-магниттик толкундары самолёттогу аспаптар аркылуу кайрадан кабыл алынып катталат. Толкундардын интенсивдүүлүгү тоо тектердин ток өткөргүчтүүлүгүнө жараша болгондуктан, ал б-ча ар түрдүү аныктоолорду жүргүзүүгө болот. А. ч. методу жасалма же табигый электр-магниттик толкундарды колдонуу мүктаждыгына карата бир нечеге бөлүнөт.

АЮДАГ (түрк.— Аюу-Тоо) — Крымдын түш. жээгиндеги казанбак түрүндөгү тоо ж-а тумшук. Гурзуфтун түш.-чыгышынан 2,5 *км*. Бийикт. 572 *м*. Капталдары тик, жарлуу. Магма тектеринен турат. Бадалдуу токойлор м-н капталган. Климаты жумшак, дециадик. Түш.-батышында В. И. Ленин атн. Бүткүл союздук пионер лагери «Артек» жайгашкан.

АЮУ ЧАЧ (Prangos pabularia) — чатырдуулар тукумунун шашыр (Prangos) уруусунун бир түрү, көп жылдык чөп. Узун, казык тамырлуу; негизги тамыры бир нече жылда 2 *м* ге чейин жетет. Сабагы тик, бийикт. 60—175 *см*, бутактуу. Тамырлап жалбыракгары көп, чоң ичке болүкчөлөрго бөлүнгөн. Топ гүлү 10—20 нурчалуу чатырча. Мөмөсү — кош урук, быржыктуу, жаргакча жээктүү. Көктөөндө мал жебейт, кууранда тоют болот. Бирок тоют катары тамырлап жалбырактары гана пайдаланылат. Кырг-ндын Чаткал, Фергана, Ат-Ойнок кырка тоолорунда кеңири таралган. О. Азияда, о. эле Гималай тоосунда өсөт. Жерг. калк тамырынын кайнатмасы м-н малдын котурун айыктырууга аракет кылып келишкен. Анын мите кепелерди өлтүрө тургандыгы да ил. жактан далилденген.

АЮУЛАР (Ursidae) — сүт эмүүчүлөргө кирүүчү жырткыч айбан. Салм. 700 *кг* га жакын, уз. 3 *м* ге чейин. Денеси калың жүндүү, куйругу кыска. Моюн ж-а буттары жоон. Таманы жалпак, беш манжасынын учунда тырмактары бар. Башка жырткыч айбандарга караганда баш сөөктөрү чоң, оозунда мокок 42 жазы тиши бар. Аюулар тукуму негизинен 4 урууга бөлүнөт. СССРде үч уруучага кирген үч түрү жашайт. А-дын түрлөрү (ак, кара, күрөң) өздөрүнүн ыңгайлануусуна карата ар кайсы геогр. шарттарда жашайт. Алар көбүнчө Европанын, Азиянын, о. эле Кавказ, О. Азиянын тоолуу жерлери м-н токойлорунда кездешет. Деңиз деңг. 4500 *м* ге чейинки бийиктеги карагайлуу ж-а ачык сырттарда да болот. Кырг-нда А-дын эң чоңу — күрөң аюу жашайт. Күрөң аюунун орт. жашы — 50 жыл. Ал түрдүү бак даректардын жемиш-мөмөлөрү, чөптөрдүн тамырлары м-н тамактанат. А-дын кууту июнь айында башталат. Октябрда чөзөнгө кирет. Чөзөндө жатып, бирден бешке чейин мамалак туулт. Мамалак туулганда ак моюн келип, чоңоё баштаганда, анысы аста-аста денесинин жүнүнө окшоп кетет. Эти даамдуу, майында А, Д витаминдери ж-а йод көп болот. СССРде жылына мамлекетке 3—6 миңге жакын аюунун териси, о. эле көп өлчөмдөгү эт-майы өткөрүлөт.



1 — ак аюу; 2 — күрөң аюу; 3 — ак төш аюу; 4 — губач; 5 — малайя аюусу.

АЯЗ — кыш мезгилиндеги атмосфераның төмөнкү темп-радагы абалы. А. демейде кар түшкөндөн кийин болот. А. убагында чыкыроондон, абанын темп-расы төмөндөп, карандай суук өкүм сүрөт. А. жер шарынын уюлдарга жакын жерлерине ж-а бийик тоолуу аймактарына айрыкча мүнөздүү. Кырг-ндын бийик тоолуу р-ндорунда (Ак-Сай, Арпа, Суусамыр, Чаткал, Алай ж. б.) А. катуу болот. Кыргыздар мурда А-ды абанын темпрасына жараша темир А., мүйүз А., кийиз А. деп болгон.

АЯЗ-КАЛА — б. з. 2—4-к-на таандык археол. урандылардын комплекси. Кара-Калпак АССРинин Бируни р-нунда, 1939—40-ж. С. П. Толстов жетекчилик кылган Хорезм археол. экспедициясы изилдеген. Казуу учурунда кушан карапалары, эмгек куралдары, тыйындар ж. б. табылган. А.-к. комплексинин сепилинде мунаралардын үчөө аябр да бар.

Ад.: Толстов С. П., Древний Хорезм, М., 1948; его же, По следам древнехорезмийской цивилизации, М., 1948.

АЯК, кесе — оюлуп жасалган жыгач идиш. Кыргыз эли арчадан, кара



жыгачтан, кайыңдан, теректен, талдан ойгон А-тарды көп урунган. А.

чот, ийди, кырма деген аспаптар м-н жасалган. А. чоң ж-а кичине, тереӊ ж-а жайпак болот. Чоң А-тын диаметри 20 *см* ге чейин жетет. Капталдары, ичи, түбү кемер сыяктанган оюмдар м-н асемделген. Муну сыр А. деген. Ичи-сыртында эч бир боёсу же оюсу жок болсо, аны кара А. дешкен. Азыр бул идиш өтө сейрек кездешет.

АЯК КАП — идиш-аяк сактай турган буюм. Көчмөн тиричиликте керектелген. Боз үйдүн эпчи жагындагы керегеге илинген. А. к. байыркы замандарда кулун м-н койдун терисинен,



кийизден, таардан жасалчу экен, кийинчерээк баркыттан жасала баштаган. А. к-тын көрүнөө бети сайма, түрдүү сүрөттөр м-н кештелене турган. Ал чарчы, жарым тегерек формада, кээ бири жапкычтуу болгон.

АЯК КҮҮЛӨР — аспаптын аяк жагынан (комуздун моюнунун капкагына бириккен жеринен саал өйдөрөөк) басылып чертилген күүлөрдүн бир түрү.

АЯКТАР — 1) жаныбарлардын таяныч ж-а басуу кызматын аткаруучу органы. Омурткасыздарда бир нече, омурткалууларда эки жуп, балыктарда көкүрөк ж-а курсак сүзгүчтөрү, жерде-сууда жашоочуларда, сойлоочуларда, канаттууларда, сүт эмүүчүлөрдө алдыңкы ж-а арткы аяктары бар. 2) А. адамда кол ж-а бут болуп бөлүнөт.

АЯЛ ЭМГЕГИ — аялдардын коомдук өндүрүш процессине катышуусу. Аялдардын эмгегин массалык түрдө пайдалануу капит. формацияга, өндүрүштүн машиналаштырылган доорунa мүнөздүү нерсе. Буржуазия аялдардын укуксуздугун пайдаланып, эркектердин эмгегине караганда аялдардын эмгегине акыны аз төлөп, жумушчу аялдарды эксплуатациялоо саясатын жүргүзөт. Мис., АКШда машина жасоо ө. ж-да эркектер м-н бирдей иштеген жумушчу аялдарга эмгек акы 20% ке кем төлөнөт. Колон. ж-а көз каранды өлкөлөрдө А. э. андан да оор. Бүткүл дүйн. профсоюздар федерациясынын демилгеси б-ча аялдарга эркектер м-н бирдей эмгек акы төлөө ж-дө маселе ООНдо каралган (1948). Бирок капит. өлкөлөрдүн көпчүлүгү ага каршы чыккандыктан, бул маселе анда чечилбей калган. Марксизм-ленинизм коомдук өндүрүштө А. э. колдонуунун прогрессчил экенин белгилеп, бурж. «теоретиктердин» аялдардын милдети — «от башы, очок кашы, бала багуу» деген «жоболоруна» чечкиндүү каршы чыгат. СССР Конституциясынын 122-статьясында: «СССРде чарбачылык, мамл., маданий ж-а коомдук-саясий турмуштун бардык жагынан аялга эркек м-н тең укук берилет», — деп жазылган. Бул конституциялык гарантия турмушка ийгиликтүү ашырылууда. Соц. коомдо аялдар өндүрүштүн бардык тармактарында иштешет ж-а ал үчүн эркектер м-н бирдей эмгек акы алышат. СССРде жог. билимдүү адистердин жарымынан көбү — аялдар. Сов. өлкө аялдарды коомдук өндүрүшкө кеңири тартуу м-н аялдардын ден соолугуна да зор камкордук көрөт. Өндүрүштү механикалаштыруунун, автоматташтыруунун натыйжасында А. э-не жеңилдиктер берилип, аялдардын организминин өзгөчөлүгүнө байланыштуу оор ж-а ден соолугуна зыян келтирүүчү жумуштардан бошотулган. Социализм өлкөлөрүндө аялдардын теңсиздигин жоюу ж-а А. э-н жеңилдетүү, аларды коомдук эмгекке кеңири тартуу — коомдук прогресстин зарыл шарттарынын бири.

АЯЛДАР АЗАТТЫГЫ — социалдык маселелердин жыйындысы; аялдардын коомдогу ж-а үй-бүлөдөгү абалын, энеликти ж-а балалыкты коргоону, аялдарды эзүүдөн куткаруу жолдорун кучагына алат. Марксизм-ленинизм түшүнүгүндө А. а. — соц. рев-янын жеңип чыгуу ж-а коммунисттик коомду куруу шарттары ж-дөгү маселесинин бир бөлүгү. К. Маркс ж-а Ф. Энгельс ушул маселенин таптык тамырларын талдап чыгып, аялдар күңдүк абалдан капит. түзүлүш жок кылынганда гана кутулат деп көрсөткөн. Марксисттер эзилген аялдар массасы пролет. рев-ясынын зор резерви деп эсептеген. Падышалык Россияда аялдар шайлоого укуксуз болгон, закон тарабынан аялдар эмгеги коргоого алынган эмес ж-а эркектерге караганда аларга эмгек акы 2 эсе аз төлөнгөн, үй-бүлөдө баш ийүүчү абалда болушкан. Мусулман дини үстөмдүк кылган Чыгыш элдеринде, мис., О. Азия м-н Каз-нда, аялдар чыныгы күңчүлүк м-н жан сактаган. *Адат* ж-а *шарыят* айрыкча эмгекчилердин үй-бүлөсүнөн чыккан кыздарды билим алууга, коомдук иштерге, өндүрүшкө катышууга ж-а өз эрки м-н турмуш курууга укуксуз абалда кармаган. Кыргыз аялдары туташ сабатсыз болгон, кыздарды калыңга сатуу, жаш-тайынан күйөөгө берүү, аялдарды күң катары жумшоо, көп аял алуу кеңири тараган. А. а. маселесин чечүү мүмкүндүгү Окт. рев-ясы жеңгенден кийин, тарыхта 1-жолу Советтер өлкөсүндө түзүлдү. Совет бийлиги орногондун алгачкы айларында эле аялдардын теңсиз абалын бекемдеген закондордун баары жокко чыгарылган. Аялдардын саясий жактан тең укуктуулугу Советтик биринчи Конституцияда (1918) бекитилген. 1917—18-ж. чыгарылган бир катар закондордо Совет бийлиги эмгек, граждандык ж-а никелешүү укугунда, билим берүү маселесинде аялдарды эркектер м-н толук тең кылды; аялдар эмгегин, энеликти ж-а балалыкты коргоо б-ча чараларды көрдү, бирдей эмгек үчүн бирдей акы төлөө принцибин орнотту. Соц. өндүрүш мамилелерин түзүүнүн, өлкөнү индустриялаштыруунун ж-а а. ч-нын коллективдештирүүнүн, маданий рев-янын натыйжасында сов. коомдо аялдар м-н эркектердин иш жүзүндөгү тең укуктуулугу жүзөгө ашырылды. Сов. Чыгышта А. а. үчүн көп кыйынчылыктарды жеңүүгө туура келди, анткени бул жакта аялдарды күңчүлүк абалда кармоонун кылымдардан бери келе жаткан салттары бар эле. Андыктан 1921-ж. Түркстан АССР Борб. Аткому калың төлөөгө, көп аял алууга ж-а кыздарды зордоп күйөөгө берүүгө тыюу салуу ж-дө декрет чыгарды. А. а. жолунда парткомдордун аялдар бөлүмдөрү ж-а *Аялдардын делегаттык чогулуштары* маанилүү иштерди жүргүзгөн. Бул маселеде ВКП(б) БКнын «Чыгыштын жумушчу аялдарынын, дыйкан аялдарынын жана эмгекчи аялдарынын арасында иштөө жагындагы кезектеги милдеттер жөнүндөгү» токтому (1924) чоң жардам көрсөткөн. Аялдарды коомдук өндүрүшкө тартуу, алардын сабатсыздыгын жоюу максатында клубдар, кызыл бурчтар, дыйкан аялдар үйлөрү ж. б. мекемелер уюштурулуп, балдар бакчалары түзүлө баштаган. Жерг. советтердин алдында аялдар эмгегин ж-а тиричилигин жакшыртуу б-ча комиссиялар иштеген. Жерг. калктын эмгекчи аялдары коомдук уюмдардын, Советтердин иштерине кеңири



Азаттыкка чыккан аялдар паранжыларын өрттөп жатышат.

тартыла баштаган. Мис., 1925—26-ж. Кырг-нда «Кошчу» союзуна 1064 аял, профсоюздарга 2060 аял мүчө болгон; 1928—29-ж. шайлоонун натыйжасында 1500 аял сов. аппараттагы жоопту кызматтарга көтөрүлгөн. 1930-ж. респ-кадагы колхозчулардын тең жарымын аялдар түзгөн.

СССРде аялдар соц. мамлекеттин тең укуктуу ж-а ишмер граждандары катары урматталат. Алар өлкөнүн а.-



Кыргыз АОнын жумушчу ж-а дыйкан аялдарынын обл. 2-кеңешмесинин катышуучулары (1925).

ч-нда иштегендердин 51%ин түзөт (1970). Жогорку ж-а орто маалыматтуу адистердин 58% (1968), СССР Жог. Советине 1974-ж. шайланган депутаттардын 31,3%, Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаттарынын 35% (1975), Жерг. советтердин депутаттарынын 47,9% — аялдар (1975). Коммунисттик курулушка активдүү катышкандыгы үчүн респ-кадагы 65 аялга Соц. Эмг. Баатыры деген наам берилген (1972), 5500 аял — «Баатыр Эне» (1972). КПССтин Программасында А. а. маселесин чечүү үчүн бүткүл социалдык-тиричилик шарттарын түзүү зарылдыгы белгиленген. Мунун эл аралык чоң мааниси бар.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., Ленин В. И., О женском вопросе, М., 1971; Цеткин К., Заветы Ленина женщинам всего мира, М., 1958; Крупская Н. К., Женщина Страны советов — равноправный гражданин, [М.], 1938; Татыбекова Ж. С., Женщины Советского Киргизстана в борьбе за социализм и коммунизм, Фр., 1967; Апышева А., Дорога счастья женщин Киргизстана. Фр., 1969.

АЯЛДАР БӨЛҮМҮ — жумушчу ж-а дыйкан аялдарды социализмдин духунда тарбиялоо, аларды мамл. ж-а чарб. курулушка активдүү катыштыруу максатында РКП(б) БКнын чечими м-н парткомдордун алдында түзүлгөн бөлүм. 1918-ж. декабрда аялдардын арасында агитация-пропаганда жүргүзүү б-ча комиссиялар катары түзүлүп, 1919-ж. сентябрда парткомдордун алдындагы бөлүмгө айланды. Аялдар арасында иш жүргүзүү маселесине РКП(б)нин 9, 11, 12, 13-съезддери зор көңүл буруп, бул ишти жалпы парт. иштин составдуу бөлүгү деп көрсөткөн. 1918-ж. 12-ноябрда Түркстан крайкомунун алдында аялдар арасында иштөө б-ча бөлүм түзүлгөн. Кырг-нда алгачкы аялдар бөлүмдөрү 1919—20-ж. Пишпек, Каракол уезддик-шаардык, Ош округдук, Беловодский волостук комитеттеринин алдында түзүлгөн. А. б. өз милдеттерин орундаткандыктан, ВКП(б) БК 1929-ж. А. б-үн жойду. Бирок О. Азия респ-каларынын алдында аялдар сектору сакталып, ал 1929-жылдан 1934-жылга чейин иштеп турду. 1943-ж. ВКП(б) БК О. Азия респ-каларындагы аялдар арасында иш жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алып, А. б. кайрадан уюштурулду. Ал бөлүм 1954-жылга чейин иштеди. Андан бери аялдар арасында жүргүзүлүүчү иш жалпы парт. иштин бир бөлүгү катары жүргүзүлүп келатат.

АЯЛДАР КОНСУЛЬТАЦИЯСЫ — боюнда бар аялдарга төрөткө чейинки ж-а төрөттөн кийинки мезгилдерде, аларга ар түрдүү аял ооруларына чалдыкканда, мед. адистештирилген жардам берүүнү камсыз кылган дарылоочу ж-а алдын ала иш жүргүзүүчү мекеме. Боюнда бар аялдын токсикозун (организмдин ууланусун), балдардын ара төрөлүшүн алдын алуу, баланын өлүк төрөлүшүн азайтуу максатында А. к. боюнда бар аялдарды мүмкүн болушунча эрте эсепке алып, аларга баланы бойдон алдыруунун зыяндуулугу, өз убагында тамактануу эрежелери, төрөттү мед. мекемелерде өткөрүү ж-дө түшүндүрөт. 1949-жылга чейин А. к. өзүнчө мекеме болуп келсе, кийин төрөт үйлөрүнүн карамагына өтүп, адистердин тажрыйбасын байытууга шарт түздү. Боюнда бар аялдарды мед. байкоого алууда, боюнда канча айлык экени, жамбаш чарасынын көлөмү, кан басымы, каны, заарасы текшерилип турулат. Жүрөк-кан тамыр оорулары бар, жамбаш чарасы тар, 1-жолу боюна бүткөндөр ж-а мурун жатындан сырткары бойго бүткөн учуру болгондор өзгөчө байкоого алынат.

АЯЛДАРГА БИЛИМ БЕРҮҮ — аялдардын тең укуктуулугунун ишке ашырылышынын бир көрүнүшү. Аларга мектептерде, атайын жог. окуу жайларында эркектер м-н бирдей эле билим берилет. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңишинен кийин 1918—25-ж. Кырг-нда А. б. б. кыргыз кыздарын мектепке тартуу, сабатсыздыкты жоюу аркылуу жүргүзүлгөн. А. б. б-гө 1928-ж. респ-кабызда 187 миң сом бөлүнгөн. Сабатсыздыкты жоюу класстарында 1928—29-окуу жылында 4683, 1932-ж. 23400 аял окуган. 1929-ж. мектеп окуучуларынын 40% ке жакыны кыздар болгон. А. б. б. жыл өткөн сайын жакшырып, 1937-ж. окуган кыз-келиндердин саны 63%ке жетти. Азыр мектептердеги окуучулардын, ин-ттардагы студенттердин жарымынан көбү — кыз-келиндер. Респ-кабызда атайын кыргыз кыз-келиндер үчүн педин-т (Фрунзеде), орто мектеп (Ошто), ж-а айрым мектеп алдындагы интернаттар иштейт.

АЯЛДАРДЫН БҮТКҮЛ АФРИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (АБАК) — Африка аялдарынын туруктуу уюму. 1962-ж. түзүлгөн. 1972-ж. Африкадагы 37 өлкөнүн аялдар уюмдарын ж-а саясий партиялардын аялдар секцияларын бириктирген. Секретариаттын турган жери — Алжир ш., ген. секретары — Жанна Мартен Сиссе (Гвинея). АБАК эл аралык коопсуздукту ж-а кызматташтыкты жактайт, континенттеги аялдардын укугу, аялдар арасында сабатсыздыкты жоюу, аялдардан улуттук кадрларды даярдоо үчүн күрөш жүргүзөт, профсоюздардын ж. б. эл аралык уюмдардын иштерине катышат, элдердин ортосунда тынчтык, демократия ж-а тилектештикти чыңдоо кыймылын колдойт. Мындай маселелерди талкуулоо максатында эл аралык конф-лар, семинарлар уюштурат.

АЯЛДАРДЫН ДЕЛЕГАТТЫК ЧОГУЛУШТАРЫ (АДЧ) — 20—30-ж. СССРде болгон аялдар кыймылынын негизги формасы; жумушчу, дыйкан, кызматчы аялдар үчүн ишканаларда ж-а үй кызматындагы аялдар үчүн Жерг. советтердин алдында уюшулган. Буларга катышуучу делегаттар аялдардын жалпы жыйналыштарында 1 жылдык мөөнөткө шайланып, ар бир делегаттык чогулуштун составы 70 аялдан ашкан эмес. АДЧта лекциялар окулуп, саясий ж-а маданий-агартуу темаларында аңгемелер өткөрүлгөн, сов. мекемелердин жетекчилеринин докладдары коюлган. Доклаларды талкуулоо, кемчиликтерди сынга алуу ж-а өз сунуштарын киргизүү аркылуу делегат аялдар мамл. ишке тартылган. Алар Советтердин секцияларына катышып, багары жок балдарга, жарадар же оорулуу кызыл аскерлерге жардам көрсөтүү, энеликти ж-а балалыкты сактоо, коомдук тамак-аш ишканалары ж-дө кам көрүү сыяктуу милдеттер аткарган. Иштеген иштери ж-дө өздөрүн шайлаган аялдар чогулуштарында отчет берип турушкан. Эмгекчи аялдардын калың катмары коомдук турмушка, соц. курулушка тартылган. Кырг-нда 1925-ж. АДЧтын составында 971 аял болгон, ал эми 1931-ж. делегаттык 170

чогулушта 6099 делегат аял иштеген, булардын 40% кыргыз аялдары эле. Кырг-нда да бүт өлкөдөгүдөй эле АДЧ аялдар укугун коргоодо, эмгекчи аялдардын калың катмарын мамл. иштерге мобилизациялоодо парт. органдардын бекем таянычы болгон.

АЯЛДЫН ООРУЛАРЫ (г и н е к о л о г и я л ы к о о р у л а р) — аялдарга мүнөздүү оорулардын түрлөрү. А. о. аялдардын дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот. Кээ бир окумуштуулар бул ооруларды аялдардын жалаң гана жыныстык органдарындагы патологиялык өзгөрүүлөрдүн негизинде пайда болот деп эсептешет. Бул албетте туура эмес. Анткени айлана-чөйрө бүт жан-жаныбарга кандай таасир тийгизсе, аялдардын организмине да о. эле таасир көрсөтөт. Аялдардын жыныс органдары нерв ж-а ички бездер м-н тыгыз байланыштуу болгондуктан, алардын ооруга чалдыгуусу айлана-чөйрөнүн адамдардын бүт денесине тийгизген таасиринин зыяндуулугуна жараша болот. Мис., аялдардын жыныс органдарынын кээ бир оорулары алардын нерв системаларынын, канынын ж-а жүрөгүнүн оорушуна же жугуштуу башка ооруларга байланыштуу болот. Ошондуктан аялдардын жыныс органынын сферасынын физиологиясы м-н патологиясын, анын бүт организми м-н бирдикте ж-а жашоо шартына байланыштырып изилдөө азыркы А. о. ж-дөгү илимдердин негизи болуп калды.

А. о. ж-а алардын патологиялык процесси аялдардын жыныстык турмуш өткөрүшүнө байланыштуу. Аялдардын жыныстык жашоосу үч мезгилге бөлүнөт: бойго жете элек мезгил, бойго жеткен мезгил ж-а этек кир токтогон мезгил (менопауза). Ден соолугу жакшы аялдардын жыныс органдарында үч мезгилде тең ар түрдүү микробдор (спорофиттер) жашайт. Бул микробдор белгилүү бир шарттарда (организм башка оорулардан начарлаганда, кескин түрдө муздаганда, травмага учураганда ж. б.), аялдардын жыныс органдарын сезгентип, ооруларды пайда кылат. Айрыкча аялдардын жыныс органдарынын оорушу көбүнчө патогендик микробдордун (гонококк, стрептококк ж-а стафилококктордун) тийгизген таасиринен болот.

А. о-нан башка дагы өзгөчө сезгенүү процесстери болот (мис., туберкулёз, котон жара). Аялдардын жыныс мүчөлөрүндө, өзгөчө жатынында шишиктер да кездешет. Айрым учурларда операциялык жол м-н шишикти алып ташташат. Көбүнчө аны дарылоо жолу м-н айыктырышат. Айыгып кетүүчү шишик пайда болгондо, аялдардын жыныс мүчөлөрүнүн функциясы көпкө чейин бузулбастан, боюна бүтүп төрөй бериши мүмкүн.

Турмуштун ж-а иштөө шарттарынын жакшыртылгандыгынын натыйжасында СССРде А. о-н айыктырууга жакшы шарттар түзүлгөн.

А. о-нын профилактикасында аялдарды жыныстык жагынан тарбиялоо, алардын физ-ра м-н спортко үзгүлтүксүз катышуусу ж-а жыныстык жагынан нормалдуу жашоосу чоң роль ойнойт. Катуу ооруга чалдыккан учурда атайын дарылар (антибиотиктер) пайдаланылат.

Ад.: С е р е б р о в А. И., Гинекология, 7 изд., Л., 1965; А с т р и н с к и й С. Д., Женские болезни и их предупреждение, М., 1959.

АЯЛДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК ДЕМОКРАТИЯЛЫК ФЕДЕРАЦИЯСЫ (АЭДФ) — аялдардын эл аралык массалык уюму. 1945-ж. аялдардын 1-дүйн. конгрессинде (Париж) уюштурулган. АЭДФтын жог. органы — 4 жылда бир чакырылчу конгресс. Конгресстер аралыгында анын ишине Совет жетекчилик кылат. АЭДФтын туруктуу иш органы — Секретариат (Берлинде). Федерациянын 1-президенти Эжени *Коттон* болгон, андан кийин Хертта *Куусинен* шайланган. Федерациянын негизги максаты — аялдардын эркектер м-н тең укуктуулугу, тынчтык үчүн күрөшүү. Аялдардын 1953-ж. Копенгагенде өткөн бүткүл дүйн. конгресси «Аялдардын укугунун декларациясын» кабыл алды. Федерациянын демилгеси б-ча, 1949-жылдан бери жыл сайын 1-июнда Балдарды коргоонун эл аралык күнүн өткөрүү белгиленген. 1967-жылдан бери АЭДФтын алдында Түш. Вьетнамдын эли м-н тилектештиктин эл аралык комитети иштеп жатат. Азыр АЭДФ дүйнөнүн 97 өлкөсүнөн аялдардын 110 улуттук уюмун бириктирет (1973). Федерация түзүлгөн күнүнөн баштап эле эл аралык курч проблемаларды чечүү, аялдардын эл аралык демокр. кыймылынын бекем биримдүүлүгү үчүн ырааттуулук м-н күрөшүп келе жатат. АЭДФтын тынчтык, көз каранды эместик ж-а социалдык прогресс үчүн күрөшүнө Сов. аялдар комитети аркылуу биздин өлкөбүздүн аялдары да активдүү катышууда.

АЯЛДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК КҮНҮ 8-МАРТ — аялдардын эркектер м-н тең укуктуулугу үчүн күрөшүндө аял пролетариатынын эл аралык тилектештигинин күнү катары 1910-ж. Копенгагенде социалист-аялдардын 2-конф-ясында К. *Цеткиндин* сунушу б-ча кабыл алынган күн. Бул күн 1-жолу 1911-ж. Германияда, Австрияда, Швейцарияда, Данияда өткөрүлгөн. Россияда 1-жолу Петербургда 1913-ж. аялдарды экон. ж-а саясий жактан азаттыкка чыгаруу үчүн күрөшүү урааны м-н өткөн. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин А. э. а. к. биздин өлкөдө сов. аялдардын маданий ж-а саясий деңгээлин жогорулатуу, жаңы турмушту курууга аларды активдүү мобилизациялоо белгиси астында өткөрүлүп, чет өлкөлүк аялдар м-н тилектештик күнү да болуп калды. Кырг-нда аялдардын эл аралык күнү 1920-жылдан бери белгиленип келе жатат. Ал кыргыз аялдарын чыныгы азаттыкка чыгаруу ишине айланды. Бул күнгө аялдардын сабатсыздыгын жоюу б-ча мектептерди, курстарды, аялдардын клубдарын, кызыл үйлөрдү, аялдардын кесиптик атайын артелдерин ачуу убагы туш келтирилген. Мис., 1925-ж. 8-Мартта Күрмөнтү болушундагы Талды-Суу кыш-да Кырг-ндагы аялдардын алгачкы клубу ачылган. Ушул күндө да Аялдардын эл аралык күнү 8-Марттын саясий мааниси өтө чоң. Соц. лагердин өлкөлөрүндө бул күн чет өлкөлүк аялдар ортосунда саясий жогорулоонун ж-а өндүрүштүк активдүүлүктүн символу болуп келе жатат. Капит. өлкөлөрдө аялдардын өз укуктары, тынчтык, демократия үчүн болгон күрөшү 8-Март күнү ого бетер күчөтүлөт. СССР Жог. Советинин Президиумунун 1965-ж. 8-майдагы Указы б-ча А. э. а. к.— 8-Март СССРде дем алыш күн болуп калды.

АЯНТ — план б-ча курулган имараттардын аралыгындагы коомдук мааниси бар бош жер. Шаарларды ж-а кыштактарды курууда А. эки түргө бөлүнөт: башкы аянт (театр, вокзал, соода, коомдук-админ.); кыйыр түрдөгү кичирээк аянттар (эстеликтердин, парктардын, стадиондордун, окуу жайлардын ж-а ө. ж. ишканаларынын алдында). Египетте, Грецияда ж-а Римде форумдар үчүн, ал эми *Кайра жаралуу* доорунда собордук ж-а табынуу үчүн курулган имараттардын алдында аянттар болгон. Дүйнөдөгү белгилүү аянттар: Флоренциядагы Синьория (13—16-к.), Римдеги Капитолий (16—17-к.), Венециядагы Ыйык Марк (9—19-к.), Ленинграддагы Дворец (18—19-к.), Москвадагы Кызыл, Манеж, Свердлов (15—20-к.) ж. б.

АЯНТ — тегиздик же мейкиндиктеги геом. фигуралардын бетинин өлчөмүн мүнөздөөчү оң сан. А-ты ченөөнүн бирдиги үчүн жактарынын уз. 1 бирдик болгон «бирдик квадрат» алынат. Жактарынын узундуктары a ж-а $в$ рационалдык сандары болгон тик бурчтуктун аянты $S = a \cdot в$. Тегиздиктеги көп бурчтуктардын А-тары көп бурчтуктарды тик бурчтуктарга бөлүүнүн натыйжасында ченелет. Параллелограммдын А. негизи м-н бийиктигинин көбөйтүндүсүнө барабар, үч бурчтуктун А. негизи м-н ага түшүрүлгөн бийиктигинин көбөйтүндүсүнүн жарымына барабар. Ийри сызык м-н чектелген тегиздиктеги фигуранын А-ын ченөө үчүн анын ичинен ж-а сыртынан мүмкүн болгон көп бурчтуктар сызылат. Бул көп бурчтуктардын А-тарынын жалпы пределы фигуранын А. болот.

АЯНТ ТЕАТРЫ, к. *Театр.*

АЯТ (ар. керемет, укмуш) — Курандын ырлары. Бир нече А. биригип, сүрөөнү (главаны) түзөт.

Б

Б — кыргыз алфавитиндеги экинчи тамга. Ал — үнсүз, жумшак, эринчил тыбышты туюндурган белги.

БАА — товар наркынын акчалай туюнтмасы. Ал акчанын башка товарлардай эле наркы болушунан келип чыгат. Анткени акчаны өндүрүүгө да абстракттуу, коомго керектүү эмгек жумшалат. Товар акчага алмаша электе эле анын наркы алтын м-н бааланат. Ошондуктан товардын наркынын акчалай туюнтмасы идеалдуу мүнөздө, б. а. товардын наркы ой аркылуу акча өңдөнүп сезилет. Чындыгында товар наркы м-н алтын наркынын белгилүү бир салыштырмалуулугу болот. Товардын баасы товар ж-а алтын наркынын өзгөрүшүнө байланыштуу төмөндөп же жогорулап турат. Империализм тушунда товар монополиялык Б. аркылуу сатылып, ал адатта өндүрүштүк Б-дан ж-а товар наркынан жогору турат. Демек, кымбатчылык товар наркынын өзгөрүшүнө эмес, монополиянын көбүрөөк пайда табуу мүдөөсүнө байланыштуу болот. Б-нын жогорулашы жумушчулар м-н кызматчылардын эмгек акысын, дыйкандар м-н кол өнөрчүлөрдүн кирешесин азайтып, капит. рынокто товарды соода кылуу жагын кыйындатат. Социализм тушунда Б-нын мазмуну, экономикадагы ролу ж-а айлануудагы милдети өзгөрөт. Соц. экономикада Б. пландуу түрдө чектелип, туруктуу келет да, эл чарбасын башкарууда, уюштуруу иштеринде кеңири колдонулат. Б-нын төмөнкү түрү: а. ч. азык-түлүгүн сатып алуу ж-а сатык Б-сы, дүң, чекене ж-а даярдоо Б-сы, коммуналдык ж-а трансп. тарифи бар. Мамл. Б-нын ар бир түрү өз алдынча милдет аткарат. Бирок алар бири биринен обочолонбой, бардыгы биригип Б-нын белгилүү системасын түзөт.

БАА МАСШТАБЫ — акчанын асыл металл (алтын) баасына айландыргандагы бирдиги. Ал асыл металлдын — алтындын туруктуу салмагын көрсөтөт. Мис., СССРде 1 сом 0,987412 $г$ таза алтынга барабар болуп, 100 тыйындан турат. Нарк чени адам эмгегинин коомдук маанисин көрсөтүп, асыл металлдын салмагын белгилейт.

БААБЕДИН (Бахауддин ысмынын кыргызча айтылышы) — 1) диний уламыш б-ча, Бухара ш-нын пиринин аты; О. Азия калктарынын дастандарындагы каармандар кыйынчылыкта Б-дин атын айтып, андан жардам сурап жалынат. 2) Кандайдыр бир кырсыктан, апаттан, балакеттен кутулганда, берилүүчү садага же курмандыкка чалынуучу жандык.

БААЛУУ КАГАЗ — капит. мамлекетте чыгарылуучу *акция*, облигация ж-а күрөө кагаз. Б. к. дивидент же процент түрүндө киреше алуу максатында ишкана капиталына капиталисттин салым кошкондугун же акча каражатын ссуда катары бергендигин далилдейт. Б. к. капитал болуп да саналат. Бирок ал — чыныгы капитал эмес, жалган капитал. Анткени ал эмгек продуктусу эмес, капит. кайталанма өндүрүш процессине катышпайт, ошондуктан анын наркы болбойт. Б. к. ссуда капиталын сактоо милдетин аткарат. Акция, облигация ж-а мамл. заёмдор да Б. к-га кирет.

БААЛУУЛУК — адам ж-а коом үчүн айлана-чөйрөдөгү объектинин (жаратылыш ж-а коомдук турмуштун кубулуштарында кездешүүчү жыргал, жакшылык ж-а кара санатайлык, сылыктык ж-а оройлук, сулуулук ж-а көрксүздүк ж. б.) оң же терс маанисин ачуучу өзгөчө социалдык аныктама. Үстүртөн караганда Б. буюмдун же көрүнүштүн өз касиети сыяктуу сезилет, чындыгында ал касиет жаратылыштын өзүндө, объектилердин ички структурасында эмес, ал адамдын коомдук турмушунун сферасына гана таандык ж-а адамдардын социалдык мамилелеринин бир чагылышы болуп саналат. Жеке адам тап, бүткүл коомдун турмушуна, тагдырына, Мекендин келечегине таасири тие турган жаратылыштын ж-а социалдык турмуштун көрүнүштөрүнө (жаман же жакшы, көрктүү же көрксүз, патриот же чыккынчы, интернационалист же улутчул ж. б.) баа бербей коё албайт. Б-тун мааниси башка социол. категориялардай коом ж-а коомдук аң-сезим м-н кошо өсүп-өнүгүп турат.

БААЛУУЛУК ТЕОРИЯСЫ, к. *Аксиология.*

БААС (арабча сөзмө-сөз алганда — кайра жаралуу), к. *Арабдардын социалисттик кайра жаралуу партиясы.*

БААТЫР — 1) илгери түрк ж-а монгол элдеринде айрым кишилерге жоокерлик эрдиги ж-а кызматы үчүн берилген атак. Б. эл-жерди жат баскынчылардан коргоп калуудагы эрдиги үчүн кылымдар бою эл оозунда айтылып калган. Рев-яга чейин кыргыздын ири манаптарынын көбү да өзүлөрүн Б. деп аташса, алардын мүдөөсүн коргоп, уруу «намысын» талашып, жоокерчилик кылган адамдар да Б. деп аталган. Бирок манаптар ж-а алардын союлун чапкандар жалпы эл арасында жек көрүмчү гана болушкан. Сов. доордо Б. деген түшүнүктүн мааниси түп-тамырынан өзгөрүп, орусча «герой» деген сөздүн маанисин алып калды. Совет мамлекетинин мүдөөсүн жактап, кан-жанын аябай эрдик көрсөткөн өлкөбүздүн гражданинине *Советтер Союзунун Баатыры* деген ардактуу наам берилет. Буга Россиядагы *Граждандык согуштун (1918—20)*, *Советтер Союзунун Улуу Ата Мекендик согушунун (1941—45)* Б-лары, бейкут күндөрдө космос мейкиндигин изилдөөдө бөтөнчө эрдик көрсөтүшкөн учкуч-космонавттарыбыз мисал болот.

Мындан тышкары Сов. Союзунда Б. деген түшүнүк өндүрүштө, илимде, мад-тта ж-а өлкөнүн эл чарбасынын башка тармактарында иштегендердин артыкча ийгиликтерин белгилөө үчүн да колдонулат. Андай адамдарга *Социалисттик Эмгектин Баатыры* деген наам берилет.

БААТЫР ЭНЕ, к. *Көп балалуу эне.*

БААТЫР СРЫМ, С р ы м Д а т о в (т. ж. белгисиз — 1802-ж. чейде ө.) — казактын Байбакты уруусунан чыккан чоң бий. Жер маселесинин татаалдашынан ж-а феод., колон. эзүүдөн, султандардын зордук-зомбулугунан улам Кичи Жүздө чыккан көтөрүлүштү башкарган. Көтөрүлүштүн негизги күчү дыйкандар болгон. Ага хан ж-а султандардан ыдык көргөн патриарх.-уруу ак сөөктөрү да катышкан. Дыйкандар хан бийлигин жоюу үчүн күрөшүшсө, алар хандын бийлигин чектөөнү гана талап кылышкан. Падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдүн талабына көнүп, 1786-ж. хан Нуралыны бийликтен четтеткени м-н, 1792-ж. Кичи Жүздө кайрадан хан бийлигин калыбына келтирген. Бул кыймылдын жаңыдан жогорулашын пайда кылган. Бирок бул учурда бийлердин көбү кыймылга катышпай калышат. Ушундан улам Б. С. өз алдынча күрөшө баштайт. Көтөрүлүшчүлөр 1797-ж. Кичи Жүздүн ханы Есимди өлтүрүшөт. Падыша өкмөтү буга жооп кылып көтөрүлүшчүлөрдү жазалоону уюштурат, амал кылып, Кичи Жүздө ханы жок хан кеңешин түзөт. Бул султандардын, бийлердин, старчындардын кызыкчылыктарына туура келгендиктен, алар ич ара биригишип, күрөшүп жаткан эл массасына каршы чыгышат. Мына ушул жагдайга байланыштуу Б. С. күрөштү аягына чейин улантпай, 1797-ж. 29-августта хан кеңешинин жыйыцы-

на келип, күрөшүн токтоткондугун билдирген. Ал хан кеңешинин составына киргизилген. Бирок султандардын аңдуусунда калган Б. С. 1797-жылдын аягында Хивага качып кетүүгө мажбур болгон. Б. С-дын андан кийинки тагдыры белгисиз.

БААТЫР ШААРЛАР — СССРдин Москва, Ленинград, Киев, Минск, Одесса, Севастополь, Волгоград, Керчь, Новороссийск шаарлары. Бул шаарларга Улуу Ата Мек. согуш учурунда баатырдык м-н коргогондугу үчүн берилген ардактуу наам. СССР Жог. Советинин Президиумунун 1965-ж. 8-майдагы Указы б-ча аларга «Алтын Жылдыз» медалы ж-а Ленин ордени тапшырылган. Москва 1941-жылдын 30-сентябрынан 5-декабрына, Ленинград 1941-жылдын 10-июлунан 1944-жылдын 14-январына, Киев 1941-жылдын 10-июлунан 19-сентябрына, Одесса 1941-жылдын 10-августунан 16-октябрына, Севастополь 1941-жылдын 30-октябрынан 1942-жылдын 4-июлуна, Сталинград (азыркы Волгоград) 1942-жылдын 17-июлунан 18-ноябрына чейин коргогон. СССР Жог. Советинин Президиумунун Указы м-н жоокерлердин ж-а бул шаарлардын калкынын зор эрдигин белгилөө урматына 1942-ж. 22-декабрда «Ленинградды коргогондугу үчүн», «Одессаны коргогондугу үчүн», «Севастополду коргогондугу үчүн», «Сталинградды коргогондугу үчүн», «Москваны коргогондугу үчүн», 1961-ж. «Киевди коргогондугу үчүн» медалдары чыгарылган. Баатырдык м-н коргонууга катышкандардын баары ушул медалдар м-н сыйланган, ал эми шаарларга Баатыр шаар деген ардактуу наам берилген. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Мекенге көрүнүктүү эмгек сиңиргендиги үчүн, гитлердик баскынчыларга каршы күрөштө көрсөткөн массалык баатырлыгы ж-а туруктуулугу үчүн, БССРдин, Крымдын, Кавказдын немец фашисттеринин басып алуусунан бошотулгандыгынын 30 жылдыгын белгилеп, СССР Жог. Советинин Президиуму 1973-жылдын 14-сентябрындагы Указы м-н Новороссийск, Керчь ш-ларына ж-а 1974-жылдын 26-июнундагы Указы м-н Минскиге Баатыр шаар деген ардактуу наам берди. Б. ш-да Ленин орденинин, «Алтын Жылдыз» медалынын сүрөтү ж-а СССР Жог. Советинин Указынын тексти жазылган обелиск коюлган.

БАБА — 1) чоң атанын атасы ж-а түпкү аталар. 2) Кээде аталык жакындыгы болбосо да, акылман карыялар урматтоо иретинде Б. деп айтылат.

БАБА ДЫЙКАН — дыйканчылык м-н кесип кылган О. Азия элдериндеги диндик, мифол. эски түшүнүк. Дыйканчылыктын колдоочусу (пири) — Б. д. эгинди аралап кетсе, дан мол болот деген түшүнүк болгон. Кыргыздар Б. д-ды ак сакал карыя же кыргоол деп элестетишкен. Түшүм мол болсун үчүн Б. д-дын урматына ар кандай ырым-жырымдар (сыйынуу, түлөө) өткөрүшкөн. Илимий ж-а маданий деңгээлдин өсүшүнө байланыштуу азыр эл арасында бул расим жоюлуп баратат.

БАБА ТИЛИ (п р а я з ы к, я з ы к — о с н о в а) — тилдерди генеалогиялык классификация б-ча ар түрдүү топторго бөлүштүргөндө, белгилүү бир тилдин кайсы тилден келип чыккандыгын ж-а кайсы тилге жакын экендигин билдирүүчү тил. Мис., латын тили азыркы француз, испан ж. б. роман тилдери үчүн Б. т. болуп эсептелет. Эски англис тили — азыркы англис тилинин Б. т. Азыркы орус, украин, белорус, поляк, чех, серб, болгар тилдеринин Б. т. болуп славян тили эсептелет.

БАБА-АТА КЫРКА ТООСУ Тескей Ала-Тоосунун батышында, түндүгүнөн Кочкор, түштүгүнөн Базар-Турук ж-а Төлөк өрөөндөрү м-н чектешет. Уз. 45 *км*, орт. бийикт. 4100—4300 *м*, эң бийик жери Баба-Ата чокусу (4400 *м*). Палеозойдун кристаллдык ж-а гранит тоо тектеринен турат. Рельефи татаал, 4000 *м* ден жогору нивалдык-гляциалдык формалар мүнөздүү. Капталдары тик (35—40°), батышы аскалуу. Чыг. бөлүгү басаңдап, Карагатты-Сандык тоолоруна өтөт, борб. бөлүгү мөңгүлүү. Тескей капталынан бир нече майда суу (Кош-Көл, Бөрүлүү-Булак ж. б.) агып түшүп, Узун-Булак суусуна куят. Бөрүлүү-Булак ж-а Көл-Булак өзөндөрүндө бөгөлмө көлдөр бар. Батышы ичкерип, Кыз-Арт белине барып такалат. Неотектон. тиби б-ча — кыска мегантиклиналь-горст. Түн. этегинен тектон. жарака өтөт. Муз доорунда тоонун үстү ири муз калканы м-н капталган. Түш. капталы каксоо, талаа чөптөрү (бетеге, шыбак ж. б.) өсөт. Чыгышындагы коктулары майда бадалдуу. Түн. беттеринде талаа (2600—3200 *м*), субальпы (3200—3600 *м*), альпы (3600—3800 *м*), тоолуу тундра (3800—4200 *м*), нивалдык-гляциалдык (4200—4400 *м*) алкактар жатат. Тоо бети малга жайыттуу.

БАБАЖИ ХАТУН МАВЗОЛЕЙИ — Жамбыл ш-нан 18 *км* жердеги *Айша-Бүбү* күмбөзүнүн жанында 10—11-к-да курулган архит. эстелик. Мавзолей тутам кызыл кирпич м-н 6,80×6,78 *м* өлчөмдө тик бурчтуу формада салынган. Мавзолейдин бет маңдайында «Бабажи хатун» деген жазуу сакталып калган. Бул жазуулар грек архитектурасындагы «метоп», «триглиф» ордерлерине окшош кынапталган кирпичтер м-н көркөмдөлгөн.

БАБАШ-АТА КЫРКА ТООСУ — Фергана тоо тизмегинин түн.-бат. бөлүгү. Уптама, Алаш-Тоо, Ангырак-Тоо массивдеринен турат. Батышынан Нарын д-сы, чыгышынан Кара-Үңкүр суусунун алабы, түштүгүнөн Фергана өрөөнү м-н чектешет. Орт. бийикт. 3200—3600 *м*, эң бийик жери — Вебер чокусу (4485 *м*), уз. 70 *км*, туурасы 25 *км*. Палеозойдун сланец ж-а акиташ тоо тектеринен түзүлгөн. Түн.-чыгышы түш.-батышынан бийигирээк, зоокалуу чокулары мөңгүлүү; түштүгү бат. жагы жапызыраак. Каптал беттери аскалуу, шагыл таштуу ж-а урандылуу. Тоодо тайпаң жерлер да бар. Неотектон. тиби — горст-моноклиналь. Кышы узак, суук, жайы салкын. Жаан-чачын жылына 500—800 *мм* жаайт. Алаш-Тоодогу кайкыда саздар ж-а башаттар көп. Майлы-Сай, Кызыл-Үңкүр ж. б. суулар Бабаш-Атадан башталат. Кырка тоонун түш., түш.-чыг. капталына кургак талаа (800—1000 *м*), талаа ж-а шалбаалуу талаа (1000—1700 *м*), токой, шалбаалуу талаа (1500—2500 *м*), субальпы (2500—3000 *м*), альпы (3000—3500 *м*), гляциалдык-нивалдык (3500 *м* ден өйдө); түн.-бат. капталдарына талаа (1000—1700 *м*), шалбаалуу талаа (1500—2500 *м*), субальпы (2500—3300 *м*), гляциалдык-нивалдык (3500 *м* ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Алма, алча өңдүү жапайы дарактар, жаңгак токою (Арстанбап бөлүгүндө) бар. Малга жайлуу.

БАБЕЗИОЗДОР, б а б е з и е л л ё з д о р — малдын канын бузуучу жугуштуу ылаң. Ылаңды бабезиялар козгойт. Ветеринарияда уйдун Б. ылаңына өзгөчө көңүл бурулат. Бат. Европа, Африка ж-а Азия өлкөлөрүндө көп учурайт. СССРдин европ. бөлүгүндө ж-а О. Азия респ-каларында кездешет. Анын козгогучу кене чаккан жарат аркылуу таралат. Ылаңга чалдыккан мал начарлап, темп-расы көтөрүлүп, ичи катып, мезгил-мезгили м-н чычкактайт; тез арыктайт. Саан уйдун сүтү 80%ке чейин азаят. Сүтү сары, кээде кызгылт тартып, ачуу болот. Бооз кой козу салат. Б. 4—8 күнгө созулуп, ылаңдаган уйдун 40%, кой-эчкинин 80%ке чейинкиси өлөт. Дары катарында гемоспоридин, акаприн ж. б. колдонулат. Ылаңдаган малга көк ж-а чыктуу тоют берилет. Б-дон сактануу чаралары — жайыттагы ж-а малга жабышкан кенени жок кылуу.

БАБЕК, П а п а к (798—800-ж. ченде т.—838-ж. ө.) — Азербайжанда ж-а Бат. Иранда 816—837-ж. ченде болгон элдик чоң көтөрүлүштүн башчысы (к. *Бабектин көтөрүлүшү*). Иран Азербайжанында майда соодагердин үй-бүлөсүндө туулган. Бала кезинде койчу, төө айдоочу, Тебризде кол өнөрчүнүн шакирти болгон. *Хуррамилер* м-н жакындашып, 816-ж. алардын кыймылына башчылык кылган ж-а Азербайжандагы арабдарга каршы көтөрүлүш чыгарган. Көтөрүлүш басылгандан кийин өлүм жазасына тартылган.

БАБЕКТИН КӨТӨРҮЛҮШҮ — Бабектин жетекчилиги м-н 816—837-ж. чамасында Азербайжанда ж-а Бат. Иранда арабдар м-н феодалдардын эзүүсүнө каршы чыккан антифеод. элдик ири көтөрүлүш. Б. к-нүн негизги күчү дыйкандар м-н кол өнөрчүлөр болгон. Аларга халифаттын эзүүсүнөн жапа чеккен майда жер ээлери да ко-

шулган. Көтөрүлүшкө катышкандардын саны 300 миң кишиге жеткен. Көтөрүлүшчүлөр арабдарды гарнизондордон кубалап чыгышып, Азербайжанды ж-а Ирандын айрым жерлерин ээлешкен; көтөрүлүш Чыг. Арменияда да болгон. Араб халифаты Византия м-н согушуп, Египетте көтөрүлүш (830—833) чыгышынан алаксып, Б. к-н убактылуу тим койгон. 833-ж. Византия м-н тынчтык келишимин түзгөн соң, халиф Мутасим бардык күчүн Б. к-н басууга жумшайт. Хамадан ш-нын жанында көтөрүлүшчүлөргө катуу сокку урулуп (833-ж.), айыгышкан күрөш 837-ж. күзүндө басылган. Б. к. араб халифатын начарлатып, анын кулашын тездеткен.

БАБЕНКО Потап Васильевич (1888—1951) — Кыргыз ССРинин Калинин р-нундагы «За линию ЦК ВКП(б)» к-зунун пред-ли (1938), Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1935-жылдан КПССтин мүчөсү. 1930—37-ж. Б-нун жетекчилиги м-н колхоз алдыңкы чарбага айланып, малдын саны 2 эсе көбөйгөн. 1947-ж. колхоз 40 *га* буудай аянтынын ар гектарынан 30,4 *ц* түшүм алган. Кант кызылчасынын түшүмү гектарынан 443 *ц* ды түзгөн. Б. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАБИД КӨТӨРҮЛҮШТӨРҮ — феод. түзүлүшкө ж-а өлкөнүн чет элдик капиталга жем болушуна каршы Иранда чыккан элдик көтөрүлүштөр (1848—52). Көтөрүлүш чыгаргандар негизинен дыйкандар, кол өнөрчүлөр, шаар кембагалдары, майда соодагерлер болсо да, башчылык кылгандар бабид сектасындагы молдолор ж-а соодагерлер болгон. Натыйжада Б. к. диний мүнөз алган. Б и р и н ч и к ө т ө р ү л ү ш 1848-жылдын сентябрынан 1849-жылдын майына чейин Мазендеранда болгон. Көтөрүлүшчүлөр адамдардын теңдигин ж-а мүлктүн ортолугун киргизебиз деп аракеттенишкен. Көтөрүлүштү шахтын аскерлери басып салган. Э к и н ч и З е н д ж а н к ө т ө р ү л ү ш ү (1850-ж. июнь—дек.) алда канча уюмдашкан ж-а айыгышкан мүнөздө чыккан. Ага аялдар да активдүү катышкан. Көтөрүлүш ырайымсыздык м-н басылган. Ү ч ү н ч ү к ө т ө р ү л ү ш 1850-ж. июнда Нейризде башталып, бир нече күндүн ичинде эле жеңилип калган. Бара-бара террордук жолго түшкөн бабидчилер 1852-жылы бүтүндөй кырылууга кириптер болгон.

БАБИЗМ — сектанттык окуу ж-а социалдык-саясий кыймыл. 19-к-дын 40—50-ж. Иранда феод. зомбулукка, шахтын жеке бийлигине ж-а чет өлкө капиталына каршы багытталган элдик кыймылда пайда болгон. Б-ди Баб атка конгон шираздык соодагер Али Мухаммед негиздеген. Ал ирандык буржуазия мүдөөсүн көздөп, шах өлкөдө адилеттүүлүк орнотот деген пикир айткан. Мындай көз караш үчүн Баб камалып, түрмөдө «Беян» деген китебин жазган. Анын ою б-ча, «Беян» баймааны куранды алмаштырмак. Бабдын диний антифеод. багыттагы окуусу эзилген элдин активдүүлүгүн күчөтүп, кээ бир жерлерде көтөрүлүштүн чыгышына түрткү берген. Ошондуктан өкмөттүн буйругу м-н Баб 1850-ж. атылган.


П. В. Бабенко.


М. Н. Бабкин.


И. В. Бабушкин.

БАБИЙ ЯР — Киев ш-нын түн. жак бөлүгүндөгү чоң коо. 1941-ж. сентябрда нем.-фаш. баскынчылар Б. Ярда 50—70 миңге жакын кишини (көбү еврей) атып салышкан. Кийин ал жерге Сырец өлүм лагерин куруп, 2 жыл бою ага коммунисттерди, комсомолецтерди, подпольщиктерди, туткун жоокерлерди камашкан. Фашисттер Киевден чегинип бараткаңда, кылмыштарынын изин жашыруу үчүн 1943-ж. лагерди бузуп жок кылышып, миңдеген кишилердин сөөктөрүн казып алып, өрттөп, күлүн коонун айлапасына чачып жиберишкен. Калкты массалык түрдө аткан жерге 1966-ж. граниттен эстелик тургузулган.

БАБКИН Михаил Николаевич (1922—1959) — учкуч, авиациянын майору, Сов. Союз. Баатыры (1945). Көк-Жаңгак ш-нан 1941-ж. аскерге чакырылып, 1943-ж. Чкаловдогу жогорку авиац. мектепти бүтүргөн. Улуу Ата Мек. согушка штурмалоочу авиац. полктун составында катышкан. Орловск, Курск, Витебск, Гродно ш-ларын ж-а Польшаны, Чыг. Пруссияны бошотуу үчүн салгылашууларда 145 согуштук учуу жасаган. Б. душмандын көптөгөн аскер күчүн, согуш техникасын, артилл.-миномёттук позицияларын, т. ж. станцияларын кыйратууга катышып, күйүүчү май, ок-дары сакталган складдарын, 85 автомашинасын, 8 самолётун жок кылган.

БАБОЧКИН Борис Андреевич [5(18). [1. 1904, Саратов — 1975, Москва] — орус совет актёру ж-а режиссёру, СССР эл артисти (1963), Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. Москвадагы «Жаш чеберлер» студиясында окуган. 1921-жылдан театрда (1935-жылдан режиссёр катары) иштеп, киного тартылат (1927). 1931—35-ж. Пушкин атн. Ленинград акад. драма театрында актёр, 1937—40-ж. Горький атн. Чоң драма театрды жетектеген. Кийин Москвадагы Вахтангов атн. театр (1940), Киноактёр театр-студиясы, 1948—51- ж-а 1955-жылдан Кичине театрга, 1952—53-ж. Пушкин атн. Москва театрына башкы режиссёр болуп иштеген.

Актёрдук ролдору: Чацкий (Грибоедов, «Акыл азабы»), жалган атакка умтулуучу (Пушкин, «Борис Годунов»), Огнев (Корнейчук, «Майдан»), Клаверов (Салтыков-Щедрин, «Колокодо») ж. б. Чапаевдин образын аткарганы («Чапаев» фильми) ага дүйн. атак-даңк алып келген (1934). Элдик баатырдын индивидуалдуу мүнөзүн түзүү м-н Б. соц. реализмге чоң салым кошту. Режиссёр катары М. Горькийдин «Дачниктери» (Чоң театр, 1939), Чеховдун «Иванову» (Кичине театр, 1960) сыяктуу белгилүү чыг-ларды сахнага алып чыккан.

1944-жылдан ВГИКте сабак берет (1966-жылдан проф.). СССР Мамл. сыйлыгынын лауреаты (1941, 1951). Үч Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

БАБУР Захиреддин Мухаммед (14. 2. 1483—26. 12. 1530) — индиялык башкаруучу, Индияда *Улуу Моголдор мамлекетин (1526)* негиздөөчү, өзбек акыны ж-а жазуучусу. Тимурилер тукумунан. 12 жашында атасынан ФерганANын тагын мурастап алган. Көп жылдар бою башка хандар ж-а бектер м-н таймашып келген. 1504-ж. Б-ду аскери м-н кошо көчмөн өзбектер О. Азиядан кууп чыккан. Б. ошол эле жылы Кабулду каратып алган. 1512-жылга чейин Б-дун Бухара м-н Самаркандды кайтарып алам деген аракетинин акыбети кайткан эмес. 1519-жылдан тартып Кабулдан Түн.-Бат. Индияга жортуул жасап, 1525-ж. Делиге аттанган. Делинин башкаруучусу Ибрахим Лоди м-н 1526-ж. апрелде Панипаттын жанында, Раджпут князы Сангра Сингх м-н 1527-ж. Кхануанын жанында салгылашып, экөөнү тең жеңип чыккан. 1529-жылга чейин Б. Чыг. Афг-нды, Пенджабды ж-а Ганг өрөөнүн Бенгалиянын чегине чейин өзүнө каратып алган. Б. автобиогр. атактуу «Бабур-наме» китебин жазган. «Бабур-наме» — өзбек ад-тындагы автобиогр. жанрдын биринчи үлгүсү. Б. — лирикалык ырлардын, *аруз* ж-дөгү трактаттын ж. б. китептердин автору.

Чыг.: Бабур-наме. Записки Бабура, пер. М. Салье, Таш., 1958; Лирика, (М., 1957), *Ад.:* К о р-О г л ы Х. Г., Узбекская литература, М., 1968.

БАБУШКИН Иван Васильевич (3. 1. 1873—18. 1. 1906) — профессионал революционер, большевик, с.-д. партиянын көрүнүктүү ишмери. Вологда губ-да кедей дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1887—91-ж. Кронштадт портунда, Петербургдагы Семянников з-дунда слесарь. 1894-ж. В. И. Ленин баштаган маркстик жумушчу кружогуна, 1895-ж. Петербургдагы «Жумуш-

чу табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш совозунун» ишине, «Искра» (1900) газетасын уюштурууга активдүү катышкан. 1898-ж. РСДРПнин Екатеринослав комитетин, 1900-ж. жашырын чыгуучу «Южный рабочий» газетасын уюштурган. 1900—01-ж. ар түрдүү шаарларда рев-чыл иштерди жүргүзгөн. Бир нече жолу камакка алынып, сүргүнгө айдалган. 1905—07-ж. рев-яның активдүү катышуучусу болгон. РСДРПнин Иркутск ж-а Чита комитеттеринин мүчөсү. 1906-жылдын январында өзүнүн жолдоштору м-н Читадан курал-жарак алып келе жатканда, Мысовая станциясында падыша өкмөтүнүн жазалоочу экспедициясынын колуна түшүп, сотсуз ж-а тергөөсүз эле атылган. В. И. Ленин аны алдык баатыр, большевиктик партияның сыймыгы деп атаган.

Ад.: Ленин В. И., Иван Васильевич Бабушкин. [Некролог], Чыт., кырг. 1-бас., 16-т. 395—399 б.; Воспоминания И. В. Бабушкина (1893—1900 гг.), М., 1955; Мишкевич Г. И., И. В. Бабушкин, Документ. повесть. Л., 1963.

БАБЫР, Боор — Ош обл-ның Өзгөн р-нундагы Мырза-Аке сельсоветине караштуу кыштак. «Алга» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Өзгөндөн 7 *км* чыг. тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 60 *км*. Калкы 377 (1971). Башталгыч мектеп бар.

БАБ-ЭЛЬ-МАНДЕБ КЫСЫГЫ (ар.— кайгы дарбазасы) — Араб ж. а-нын түш.-бат. урчугу м-н Африканын ортосундагы кысык. Кызыл деңизди Аден булуңу аркылуу Араб деңизи м-н туташтырат. Кууш жери 26,5 *км*, тайыз жери 182 *м*. Перим а. аркылуу Чоң ж-а Кичи өткөөлгө болунөт. Кысыктын экон. ж-а стратегиялык маанизи чоң, анткени ал аркылуу Европадан Чыг. ж-а Түш. Азияга, Австралияга жол өтөт.

БАВАРИЯ — ГФРдин Дунай бассейниндеги терр-ясы (админ. болук). Жери 10,6 миң *км*². Калкы 10,2 млн. (1967). Админ. борбору — Мюнхен ш., ири шаарлары (100 миңден ашык кишиси бары): Нюрнберг, Аугсбург, Регенсбург. Мюнхенде июлдун орт. темп-расы 17°С, жылына 935 *мм* жаан жаайт. Дарыя (Дунай ж-а анын куймалары), көлдөрү көп. Терр-ясынын 1/3 бөлүгүндө токой, бадалдар өсөт. Ө. ж-да калктын 45,7%, айыл, токой чарбачылыгында 17,2%, соода ж-а жол катнашында 15,9%, өндүрүмсүз чөйрөдө 21,2% (1966) иштейт. Гундремингенде ГФРдин түңүч атом электр станциясы бар (237 миң *квт*). Согуштан кийин нефть ж-а нефтьхимия ишканалары курулду. Б. ГФРдеги алюминийдин 1/3 бөлүгүн берет. Ө. ж-дын негизги тармагы — машина куруу. Кийим тигүү, фарфор, керамика, тамак-аш ө. ж-лары да маанилүү орунду ээлейт.

Б-да, бөтөнчө тоолуу жайыттарда, сүт бере турган мал багылат. Дан эгиндери, кант кызылчасы, сулу, кара буудай, картошка өстүрүлөт. Капит. чарбаларга (10 *га* дан ашык жери бар) ж-а помещиктердин ээлигинде жердин ж-а токойдун 70%ке жакыны таандык. Т. ж-дорунун көп бөлүгү электрлештирилген, автомоб. жолдору көп, Дунай м-н Майнда кеме жүрөт.

Тарыхы. «Б.» деген наам 6-к-дын ортосунда азыркы Б-ның терр-ясынын көбүн ж-а андан түш. ж-а чыг. жакты жерлерди мекендеген баварлар уруусунун атынан келип чыккан. Бул жерлерде баварлар өзүнүн герцогдугун (Агилольфингдердин тукумунан чыккан герцогдор) түзүшкөн. 788-ж. герцог Тассилон IIIнүн түшүнда Бавар герцогдугу жоюлуп, Франк мамлекетинин составына кирет. 10-к-дын башында Герм. королдугунун уруулук герцогдуктарынын бири катары кайрадан калыбына келет. 10—13-к-да Б. герцогдугунун территориясы кичирейип, өзү бытыраң болүнүп кетет. Герцог Альбрехт IVнүн (1467—1508) бийлиги учурунда кайрадан биригишип, Б. 16—17-к-да Германиянын кубаттуу князьдыктарынын бири болгон. 18-к-дын акырында Францияга каршы согушка катышат. 1801—13-ж. Наполеон тарапта болгон. 19-к-дын башында мында капит. мамилелер пайда боло баштайт. Австрия-Пруссия согушунда 1866-ж. В. Австрия тарапта болгон, бирок Пруссия м-н жашырын коргонуу союзун түзүп, 1871-ж. Герм. империясына кирет. Германиядагы 1918-ж. Ноябрь рев-ясынын натыйжасында Б-да респ-калык өкмөт түзүлөт. 1919-ж. апрелде Башында коммунисттер турган Бавария Сов. Респ-касы түзүлөт, бирок ал герм. өкмөт тарабынан талкаланып, Веймар конституциясы (1919) б-ча Германиянын жерлеринин бири катарында аның составына кирет. Ошол эле жылы Б-да улуттук соц. (фаш.) партия түзүлүп, ал фашизмдин башкы очокторунун бири болуп калган. Фаш. диктатураның мезгилинде (1933—45) Б. фашизмдин традициялуу борбору болгон. Мюнхенде фаш. партияның штаб-квартирасы жайгашкан. Нюрнбергде бул партияның съезди өтүп турган. Фаш. Германия талкаланғандан кийин, 1945-ж. Б. амер. оккупациянын зонасына кирген. 1949-жылдан тартып В. ГФРдин жери катары аның составында. Б.— ГФРдеги саясий клерикализмдин борборунун бири.

БАВАРИЯ СОВЕТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасири м-н Германияда кулач жайган рев-ялык жалпы жогорулоонун кырдаалында 1919-ж. 13-апрелде Бавariяда түзүлгөн. 1919-ж. 1-майда кулаган. Германиядагы Ноябрь рев-ясынан (1918) кийин бийликке келген оңчул («көз караңды эмес») с.-д-тар көтөрүлүп келаткан рев-ялык кыймылды басаңдатуу максатында гана Б. С. Р-н жарыялап коюшкан. Чындыгында алар эмгекчилердин абалын жакшыртуу, контррев-чыл күчтөрдү басуу үчүн чара көрүшкөн эмес. Чыныгы сов. респ-ка Мюнхенде 13-апрелде пайда болгон. Анын башында коммунисттер турган. Бул респ-каның өкмөтү ишканаларда жумушчу контролун койгон, буржуазияны куралсыздандыруу, Кызыл Армия түзүү сыяктуу рев-ячыл чараларды көргөн. Бирок Бавария коммунисттеринин дыйкандар м-н жумушчу табын союздаш кыла албаганы, ички контррев-яга каршы чечкиндүү күрөшө албаганы контррев-чыл аскерлердин 1919-ж. 1-майда Мюнхенге басып кириишине ж-а Б. С. Р-нын кулашына алып келген.

БАГАМ АРАЛДАРЫ, Багам Ынтымагы — Вест-Индия архипелагындагы мамлекет (1973), Улуу Британия Ынтымагынын составында Болжол м-н 700 аралдан турган архипелагда жайгашкан. Жалпы аянты 13,9 миң *км*². Калкы 195 миң (1972), жагынан — англикан, баптисттер, католиктер. Админ. борбору — Нассо (Нассау) ш. Эң ири аралдары: Андрос, Чоң Абако, Чоң Инагуа ж-а Чоң Багама. Жериниң бети түздүктүү, бийикт. 60 *м* ге чейин, карст формасындагы рельеф кеңири тараган. Климаты тропиктик, пассаттуу. Жылдык жаан-чачыны 1100—1600 *мм*. Көлдөрүнүн көбү туздуу. Дайыма көгөрүп туруучу тикенектүү бадалдар, кызыл карагай ж. б. өсөт. Б. А.— Х. *Колумб* ачкан (1492) Америка материгиндеги биринчи жер. Ал — 1973-ж. 10-июлдан көз караңды эмес мамлекет. Мамлекет башчысы — Улуу Британиянын королевасы бекиткен ген.-губернатор. Закон чыгаруучу бийлик эки палаталуу парламентке тиешелүү. Аткаруучу бийлик Мин. Советине жүктөлгөн. Экономикасынын негизи — талаачылык. Ананас, агава (сизаль), апельсин, чай ж. б. өстүрүлөт. Балык кармоо ж. б. деңиз промыселдери башкы ролду ойнойт. Ө. ж. начар өнүккөн. Тамак-аш ж-а цемент ө. ж. ишканалары бар. 1971-ж. нефть иштетүүчү з-д курулган. Туризм жалпы улуттук кирешенин 90%ин берет. Нью-Провиденс а-да жолдун уз. 432 *км*, калган аралдарда 560 *км*.

БАГАУДДАР (лат. Bagaudae — мүмкүн, кельтче baga — күрөш) — 3—5-к-да Римге каршы Галлия м-н Түн. Испанияда элдин эркиндикке чыгаруучу кыймылга катышуучулар. Булар негизинен жакырланган дыйкандар, көз караңды колондор ж-а качкын кулдар болушкан. Б. кыймылы кул эгөөчү Рим коомунун ж-а мамлекетинин кризисинин бир көрүнүшү болгон. Бул кыймыл 283—285 же 269—270-жылы башталып, ири жер ээлеринин турак жайларына, начар коргонулган шаарларга бүлүк салган. Диктатор тарабынан бул көтөрүлүш басылса да, 408-ж. кайрадан башталган. 435—447-ж. көтөрүлүш түн.-бат. Галлияга таркаган, бирок 2 жолу басылган. 5-к-дын орто чениңде көтөрүлүш Түн. Испанияда чыккан.

БАГБАН — мөмө даракын ж-а жер-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүүчү адам. Ал көчөт тигүү, жер семирткич чачуу, сугаруу, бутоо, кыйыштыруу, түшүм жыйноо ж. б. жумуштарды аткарат.

БАГБАНЧЫЛЫК, к. *Мөмө өстүрүү.*

БАГДАД — Ирактын борбору (1921). Тигр д-нын өйүз-бүйүзүндө. Түш. ж-а Борб. Азияны, Жер Ортолук деңиз өлкөлөрү м-н байланыштырып турган жолдун кесилишинде. Калкы 2 млн-го жакын (шаар айланасы м-н, 1972). Климаты жер ортолук деңиздик, январдын орт. темп-расы 10°С, июлдуку 34°С, жылдык жаан-чачыны 163 *мм*. Б. Халиф Мансур тарабынан 762-ж. Мадинат ас-Салам (Бейкут шаар) деген ат м-н негизделген ж-а

Аббасилер халифатынын борбору болуп калган. Б. деген байыркы перстердин «бага» — алла ж-а «дад» — берген, б. а. «алланын бергени (тартуусу)» деген сөздөрүнөн чыккан деген уламыш да бар. Б-да б. з. ч. 19—18-к-да эле эл жашашы ыктымал. Б. өзгече 9-к-да кол өнөрчүлүктүн ж-а кербен соода-сатыгынын ири тоомуна, ө. кылымдагы араб. мад-тынын эң маанилүү борборуна айланган. Бирок Аббасилер халифаты кулагандан кийин, ал өзүнүн саясий беделинен ажыраган. 945-ж. Буиддердин, 1055-ж. *Сельжуктардын* карамагына өткөн; 1258-ж. монголдордон жеңилип, бүлгүнгө ж-а талоонго учураган. 14-к-дын аягында ж-а 15-к-дын башында ага Тимур 2 жолу басып кирген ж-а каттуу бүлүндүрүп, талап алган. 16- ж-а 17-к-да түрктөр, фарстар, кайра түрктер бийлик кылган. 1638—1917-ж. Осмон империясынын составында болгон. 1917-ж. Б-ды англ. аскерлер басып алган. 1920-жылдан брит. подмандатный терр-янын админ. борбору, 1921-58-ж. Ирак королдугунун борбору болгон. Ал Ирак калкының антимпер., улуттук-бошт. кыймылынын өсүшүндө ж-а көз караңды эместигин жеңип алууда чоң роль ойногон. 1958-ж. 14-июлда Ирактагы рев-я жеңип, Б-да Ирак респ-касы жарыяланган. Б.— өлкөнүн ө. ж., трансп., соода ж-а финансы борбору. Т. ж., шоссе ж-а аба жолдор тоому. Ири дарыя порту. Практагы ишканалардын 25% топтолгон. Токуу, булгаары, тигүү ж-а тамак ө. ж. өнүккөн. СССРдин жардамы м-н электр тех. з-д., тигүү ф-касы ж. б. ишканалар курулган. Бут кийим тигүү, зергерлик буюмдар жасоо өнүккөн. Нефть иштетүүчү з-ду бар. Б-да байыркы замандан калган Аббасилердин двореци (12—13-к.), Зубайда мавзолейи (13-к-дын башы), Мустансирия медресесинин ансамбли (1227—33-ж. салынып, 20-к-да жаңыртылган), Муса ал-Кадимдин Алтын мечит мавзолейи (1515-ж. салынып, 17—20-к-да жаңыртылып өндолгон) ж. б. курулуштар сакталып калган. Азыркы Б. шаары реконструкцияланып, кайра курулууда. Мис., ар-Рашид көчөсүндөгү банк, магазин, борб. ат-Тахрир аянтындагы «14-июлдагы революция» аттуу монумент, Белгисиз солдаттын эстелиги, Тигр д-нын бат. жээгиндеги ар-Рихаб сарайы, аэропорт ж. б. Б-да ун-т, ИА, 6 музей, этногр., тарых ж. б. музейлери, калк китепканасы бар.

Ад.: Столицы стран мира, М., 1966.

БАГДАД КИТЕПКАНАСЫ—Ирак музейинин жанында курулган (1933) ири китепкана. Анын жаңыдан жасалганган ыңгайлуу окуу залдары бар. Анда ил. из., библиогр. иштер жүргүзүлөт. Б. к-ның китеп фондусу 38 миң том (1966), асыресе чыгыш ж-а эски (жөөлган) тилдерде жазылган сейрек кол жазмалар (2340) өзгөчө мааниге ээ. Китеп фондусунун басымдуу көпчүлүгү тарых, археология, тил илимине, философия м-н диңге арналган. В. к. СССРдин ж-а дүйнөдөгү башка элдердин китепканалары м-н китеп алмашын турат.

БАГДАД ПАКТЫСЫ — 1955-ж. 24-февралда Багдадда Ирак м-н Турциянын ортосунда түзүлгөн договор, кийин ага Англия, Иран ж-а Пакистан кошулган; агрессиячыл согуштук группировканын — *Борбордук договор уюмунун* (СЕНТОнун) түзүлүшүнө негиз болгон.

БАГДАД УНИВЕРСИТЕТИ — 1956-ж. өзгөчө закон б-ча уюшулган окуу жай. Анын ф-теттеринин составына мурдагы врачтык, фармацевтикалык, стоматологиялык, вет., гуманитардык ж-а табият таануу, экон., саясий, пед., инж. колледждер (окуу жайлар), «Ат-Тахрир» колледжи, жог. инженердик ин-т, физ-ра ин-ту кирген. Кийин экон., чет тилдер, жогорку пед., токой ин-ттары кошулган. Б. ун-тинде 17 ф-тет, 7 ин-т бар (1964). Ф-теттер м-н секциялардын окуулдөрүнөн түзүлгөн ил. совет институт, аспирантура (1960) ачылган. Б. ун-тинде көпчүлүк ф-теттердин окуу мөөнөтү— 4 жыл, кээ биринки — 5 жыл, финансы, статистика ин-ттарыныкы—2—3 ж.

БАГДАШ Халед (15. 11. 1912-ж. т.)— Сириядагы жумушчу ж-а улуттук-бошт. кыймылынын ишмери. Жумушчу кыймылына 18 жашынан катышты. 1930-жылдан *Сирия коммунисттик партиясынын* (СКП) мүчөсү, 1933-жылдан СКП БКнын секретары, 1937-жылдан геп. секретары. Коминтерндин 7-конгрессине (1935) катышкан. 1954—58-ж. Сириянын парламентине депутат. КПССтин 19—20-съезддеринде ж-а коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын Москвада өткөн кеңешмесине (1957), Сирия м-н Ливан компартияларынын делегацияларына, КПССтин 21—22-съезддеринде, коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын 1960, 1969-ж. Москвада өткөн эл аралык кеңешмесине Сирия компартиясынын делегациясына башчы болуп келген. Б.— бир катар теориялык ж-а публ. эмгектердин автору.

БАГИРОВА Басти Масим кызы (1906 — 27. 2. 1962) — Азерб. ССРинин, Касум-Исмаил р-нундагы «Бакчакурд» (азыркы Б. Багирова атн.) к-зунун пред-ли (1953—62). Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1947, 1950). 1937-жылдан КПССтин мүчөсү. 1930-ж. колхозго мүчө болуп кирип, 1936-жылдан звено башчысы болуп иштейт. Б. башкарган звено 1946-ж. 5 *га* аянттан 105, ө. эле аянттан 1947-ж. 111,2, 1948-ж. 6,5 *га* аянттан 90,7, 1949-ж. 6 *га* аянттан 100 *ц* ден пахта жыйнаган. СССР Жог. Советинин 1—3-шайл. ж-а Азерб. ССР Жог. Советинин 4—5-шайл. депутаты. Үч Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАГИР-ХАН (1915-ж. ө.) — *Иран революциясы (1905—11)* убагында Тебриздеги федайлардын (партизандардын) ыктыярдуу рев-ячыл отряддарынын башчысы (1908—09). Ирандын улуттук баатыры, Саттар-хандын шакирти. Кесиби — дубалчы. Шахтын аскерлери м-н хандардын реакциячыл отряддарынан Тебризди коргошкону үчүн Б. «эл башчысы» деген наам алган. 1-дүйн. согуш мезгилинде Б. Ирандын бурж. улутчулдарын жактаган. Касре-Ширин аймагында ирандыктар м-н курддардын оргосунда чыккан жаңжалда каза тапкан.



Х. Багдаш.



И. Х. Баграмян.

БАГЛАН — Ош обл-ның Ноокат р-нундагы Жал сельсоветине караштуу кыштак. Жал өрөөнүнүн этегинде жайгашкан. «Көк-Жар» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 40 *км* түш.-бат. тарапта, Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 508 (1974).

БАГРАМЯН Иван Христофорович [20. 11(2. 12). 1897-ж. т., Аверб. ССРи, Кировабад] — Сов. Союз. Маршалы (1955), Сов. Союз. Баатыры (1944). 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. Улуту — армян. Темир жолчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1915-жылдан армияда. Прапорщиктер мектебин бүтүргөн (1917). 1920-ж. Кызыл Армияга ыктыярдуу кирип, Гражд. согушка катышкан. Комсоставдын билимин көтөрүүчү атчан аскерлер курсун (1925), М. В. Фрунзе атн. Аскердик академиясын (1930), Ген. штабдын академиясын (1938) бүтүргөн. 1940-жылдан баштап армия ж-а округдун оперативдүү топтоочунун начальниги, Улуу Ата Мек. согушта Түш.-бат. фронт штабынын оперативдүү бөлүмүнүн начальниги. 1-Балтика боюнун фронтунун (1943), 3-Белорус фронтунун командачысы (1945). Курск дугасына, Белоруссияны, Балтика боюн, Чыг. Пруссияны ж-а Кёнигсберг чебин алууга катышкан. Согуштан кийин Б. Балтика аскер округунун командачысы, СССР коргоо министринин орун басары (1956—58) ж-а ген. инспектору. 1961-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. СССР Жог. Советинин 2—9-шайл. депутаты. 5 Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 3 Кызыл Туу, 1-дараж. Суворов ордени, 1-дараж. Кутузов ордени, Польша, Монголиянын ордендери ж-а көп медалдар м-н сыйланган.

БАГРАТИОН Пётр Иванович (1765—1812) — князь, орус генералы (1809), Ата Мек. согуштун (1812) баатыры. Кизляр ш-да грузиндин эски княздар уруусунан чыккан полковниктин үй-бүлөсүндө туулган. 1782-жылдан ас-



П. И. Багратион.



М. П. Бадигин.

кер кызматында. Орус-түрк (1787—91) ж-а Польша согушуна (1793—94) катышкан. А. В. Суворовдун 1799-жылдагы Италия, Швейцария жортуулунда ген.-майор чининде алдыңкы отрядга командалык кылып, Франция м-н согушта (1805—07) орус армиясынын арьергардын башкарган, орус-швед согушуна (1808—09) катышып, Аланд а-дарын ээлеген. Орус-түрк согушунда (1806—12) армияларга командалык кылган. 2-Бат. армиясына, Бородино салгылашында орус аскерлеринин сол тарабына командачылык кылып, туруктуулуктун ж-а эр жүректүүлүктүн үлгүсүн көрсөткөн. Отпол согушта курман болуп, сөөгү Сима с-на коюлган. 1839-ж. ал жерден Бородино талаасына алып келип көмүлгөн.

БАГРАТИОНДОР — 9-к-дан 19-к-га чейинки грузин падышаларынын династиясы. Б. Спери (азыркы Турциядагы Испири) провинциясынан чыгышкан. 9-к-дын 1-жарымында Ашот Б. Түш. Грузияда күчтүү Тао-Кларджети княздыгын түзөт. *Давид Строитель* (1089—1125), Георгий III (1156—84), *Тамара* (1184—1213) Б-дун көрүнүктүү өкүлдөрү болушкан. 15-к-дын акырында бирдиктүү Грузин мамлекети кулагандан кийин, Б. Картилий, Кахетия ж-а Имеретия падышачылыктарын башкарган. Б-дун падышалык бийлиги 1801-ж. Грузия Россиянын составына кошулгандан кийин жоюлган. Б-дун урууларынан Вахушти, Давид өндүү тарыхчылар, орус полководеци П. И. *Багратион* сыяктуу белгилүү адамдар чыккан.

БАГРАТИОНИ Иоанн (16. 5. 1768—15. 2. 1830) — грузин жазуучусу ж-а агартуучусу. Грузиянын акыркы падышасы Георгий XIIнин уулу. Грузия Россияга кошулгандан кийин (1801), Петербургда жашаган. Б-нин негизги чыг-сы — «Калмасоба» (1813—28). Бул 3 томдон турган энциклопедия кеңири тарыхый-филос. материалдарды камтып, билимдин ар түрдүү тармактарынан маалымат берет. Анда Грузиянын көз каранды эместиги ж-а ички таптык мамилелерди жакшыртуу сыяктуу коомдук-саясий идеялар бар. Ата журтунун келечектеги гүлдөшүн ниаадан феодалдарды, чиркөө кызматкерлерин кайрадан тарбиялоодон, эл арасына агартуу идеясын жайылтуудан көргөн. Б-нин социалдык ж-а филос. көз караштары анын жарыяланбаган «Мамлекетти башкаруу жөнгө салуу» (1799) деген чыгармасында да чагылган.

БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ — граммат. жактан бири бирине багынбаган, тең байланыштагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкалышынан түзүлгөн татаал сүйлөм. Б. т. с. байламталуу, байламтасыз болуп экиге, ал эми анын байламтасызы мезгилдеш, шартташ, каршылаш, салыштырма, себептеш, салмакташ, чечме сүйлөмдөр болуп 7 түргө, байламталуусу бириктирүүчү, каршы, себеп, божомол байламталуу сүйлөмдөр болуп 4 түргө бөлүнөт.

БАГЫНЫЧТУУ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ — тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири мааниси ж-а граммат. жак б-ча экинчисине багыныңкы абалда турган татаал сүйлөм. Синтаксистик аткарган милдеттерине карай мезгил, себеп, максат, шарттуу, карама-каршы, сыпат, салыштырма, өлчөм амал багынычтуу сүйлөмдөр болуп өз ара бир нече түргө бөлүнөт.

БАГЫТТАР ТАЛААСЫ — ар бир чекитине белгилүү багыт туура келген мейкиндиктин же тегиздиктин бөлүгү. $y'=f(x, y)$ *(1)* дифференциалдык теңдеменин оң жагы D областында аныкталсын. Анда берилген чекит аркылуу өткөн (1) теңдеменин чыгарылышынын жаныма сызыгынын бурч коэффициенти м-н отпол чекиттин координаталарынын арасындагы байланышты (1) теңдеме берет, б. а. ар бир чекитке белгилүү багыт туура келет. Ал багыт л га эселик болгон бурчка айландырууга чейинки тактыктагы белгилүү бурч *arctgy'* м-н туюнтулат.

БАГЫТТООЧУЛАР (станокто) — ар кандай станоктун бөлүктөрүн бир багыт б-ча жылдыруучу түзүлүш. Б. тетиктин так иштетилишин, станоктун жумуш аткаруучу бөлүктөрүнүн бир калыпта жылышын камсыз кылат, алар м-н суппорт, стол, каретка жылдырылат. Алар көбүнчө металл кесүүчү станоктордо колдонулат. Мында түз сызыктуу ж-а айланма кыймылдуу Б. пайдаланылып, бетинин формасына карата жалпак, призма, трапеция түрүндөгү, тик бурчтуу ж-а жумуру, сүрүлүүнүн түрүнө карата жылмышып ж-а тоголонуп сүрүлүүчү болуп бөлүнөт. Металл кесүүчү станоктун тактыгы Б-дын тактыгына жараша болот. Б. жешилбесин үчүн анын бети жылуулук м-н иштетилет, майланып турулат.

БАГЫШ (Alces alces) — бугулар тукумундагы ача туяктуу ири жаныбар. Денесинин уз. 3 *м*, бийик. 2,2 *м*, салм. 300—600 *кг*. Дене түзүлүшү москоол, башы чоң, мойну жоон, өркөчү бийик, буту узун. Эркегинин гана мүйүзү болот. Ургаачысы кичирээк. Европанын, Азиянын, ж-а Түн. Американын, Бат. ж-а Чыг. Сибирдин токой тилкелеринде ж-а Түн. Каз-нда бар. Б. сентябрда букадан качып, май—июнь айларында эгиз, кээде жалкы музоо туурт. Букалары көбүнчө жалгыз, ургаачылары топ-топ (5—20) болуп жайылат. Б-тын эти ж-а териси керектелет. СССРде Б-ты



атууга тыюу салынган, алар атайын коруктарда өстүрүлөт.

БАГЫШ — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Октябрь сельсоветине караштуу кыштак. «Дружба» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Сузактан 18 *км* түн.-чыг. тарапта, Багыш т. ж. станциясынан 18 *км*. Калкы 1400 (1973). Орто мектеп, медпункт бар.

БАГЫШАН — Нарын обл-нын Жумгал р-нундагы Кызыл-Туу сельсоветине караштуу кыштак. «Кызыл-Туу» к-зунун аймагында. Жумгал суусунун боюнда. Р-ндун борбору Чаектен 35 *км* түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 145 *км*. Калкы 829 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, төрөт үйү, медпункт бар.

БАДА — үйлардын тобу. Үйлар чарбанын негизги багытына, малдын жашына, жынысына карата зоовет. кароо учурунда бада-бадага болунөт. Кырг-ндын шартында бир бадада 100—120 уй болот.

БАДАЕВ Алексей Егорович (4. 2. 1883—3. 11. 1951) — сов. мамл. ж-а партиялык иштмер. 1904-жылдан Компартиянын мүчөсү. Петербургдагы Александров з-дунда ж-а Николаев т. ж. станциясында слесарь болуп иштеген. 1912-ж. Петербург жумушчуларынын ж-а Петербург губ-пан 4-Мамл. думага депутат. Мында ал большевиктер фракциясынын мүчөсү болгон. 1913-ж. РСДРП БКнын Краков ж-а Поронино кеңешмелерине катышкан. РСДРПнин Петербург комитети м-н БКнын Орус бюросунун мүчөсү (1913—14). 1914-ж. Думадагы большевиктер фракциясынын 5 мүчөсү м-н камакка алынып, Турухан крайына сүргүнгө айдалган. 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин Петроград ш-дык думасына шайланып, Петроградда Окт. куралдуу көтөрүлүшүнө катышты. Окт. рев-ясынан кийин Петроград азык-түлүк башкармасынын пред-ли, Петроград ж-а Түн. областынын азык-түлүк комиссары. 1925-ж. Ленинград губаткомунун пред-линин орун басары, 1930-ж. Центросоюздун пред-ли, Москва Советинин пред-линин

орун басары. СССР БАКтын мүчөсү, 1938—43-ж. РСФСР Жог. Советинин Президиумунун Пред-ли ж-а СССР Жог. Советинин Президиумунун Председинин орун басары. Партиянын 11—13-съезддеринде РКП(б) БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 14—18-съезддеринде БКнын мүчөсү. 2 Ленин ордени ж. б. орден, медалдар м-н сыйланган.

БАДАЛ КЫРККЫЧ — бадал, майда токой кыркуучу асма, чиркелме же өзү жүрүүчү машина. Ал жаңы жерди өздөштүрүүдө, чоп чабынды м-н жайытты жакшыртууда, бадал кыркууда ж. б. жумушта пайдаланылат. Көбүнчө тракторго, экскаваторго орнотулат.

БАДАЛДАР — бийик. 2—3 *м* деп аппаган, сабактарынын диам. 0,5—8 *см* ж-а бийик. б-ча бири бирине анчалык айырмаланбаган көп жылдык жыгач өсүмдүгү. Б-га табылгы, ыргай, шилби, аса-муса, чие, катын жаңгак ж. б. кирет. Айрымдары чарбактарда, коче бойлорунда жашыл тосмо катары өстүрүлөт. Жаш сабактары, жалбыректары малга тоют претинде пайдаланылып, кээде курулуш иштерине жумшалат.

БАДАМ (Amugdalus) — роза гүлдүүлөр тукумундагы дарак же бадал өсүмдүгү. Анын 40ка жакын түрүнөн СССРде 13 түрү белгилүү, жапайы ж-а эгилмеси бар. Ал Крым, Кавказ ж-а О. Азияда көп учурайт. Кырг-нда Чаткал, Алай тоолорунда өсөт. Б-дын көчөтү 2—3 жылдан кийин гүлдөй



Бадам: *1* — гүлдүү шагы; *2* — мөмө, жалбыректуу шагы; *3* — жаңгагы; *4* — данеги.

баштайт. Гүлү ак же кызгылт. Данеги ширин, анда 54% май, 21% азоттуу, 13% азотсуз заттар бар. Токойдогу көз бир Б-дын данеги ачуу да болот. Б. кургакчылыкка байымдуу. Түштүктүн какыр адырларын ж-а тоолорун жашылдандыруу үчүн өстүрүлөт. Ар гектарынан 400 *кг* га чейин түшүм алынат. Айрым дарагынан 10 *кг* дан ашык таттуу данек алууга болот.

БАДАМ КИСЛОТАСЫ, фенилгликоль кислотасы, $C_6H_5CH(OH)—COOH$ — ароматтык оксикислота. Эрүү t 133,3°С. Б. к. L ж-а D изомерлери түрүндө кездешет. Хлордуу тиониддин таасиринен бензальдегидге ж-а комуртектин кычкылына ажырайт; фосген м-н пиридинди таасир кылганда, татаал эфирди пайда кылат. Калий перманганаты Б. к-н фенилглиоксаль к-тасына чейин кычкылдантат. Бул кислота *бадам* өсүмдүгүнүн жемишинде болот, бензальдегидден синтезделип алынат. Б. к. медицинада дары-дармек алуу үчүн колдонулат.

БАДАН (Bergenia) — көп жылдык өсүмдүк. Сабагы кыска, тамыры жоон. Түбүнөн жалбыректайт, жалбырагы чоң, кабыктуу, гүлү кызыл же ак. Б-дын 11 түрү бар, алар көбүнчө Борб. ж-а Чыг. Азияда кездешет.



Калың жалбыректуу бадан.

СССРде анын 4 түрү өсөт. Чыг. Сибирь м-н Түн. Монголиянын кээ бир жеринде калың жалбыректуу Б. көюу чыгат. Ал эзелтен бери кооздук үчүн өстүрүлөт. Дары-дармек ж-а тех. (боёк) өсүмдүк катарында да маанисн чоң. Андан танин, арбутин ж. б. жасалат.

БАДАЧЫ — үй кайтаруучу адам. Үйларды жайытка чыгарып, күн бою багат.

БАДЕН МЕКТЕБИ — 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында *неокантчылыктын* субъективдик-идеалисттик багыттарынын бири. Б. м-нин көрүнүктүү өкүлдөрү — Германиянын Баден жериндеги Гейдельберг ж-а Фрейбург ун-ттеринин профессорлору В. Виндельбанд ж-а Г. Риккерт. Булар Кантты «оң» жагынан сынга алып, анын илиминен матер. элементтерин чыгарып таштап, априоризмин өөрчүтүшкөн. Б. м. илимдерди предметтер б-ча эмес, сынга алуу методуна карап классификациялайт. Б. м. тарыхый методду табият таануу методуна карама-каршы коюп, ал—онтүүнүн индивидуалдык фактылары, ал эми табият таадык фактылары, ал эми табият таануу болсо жаратылыштын көрүнүшүнүн кайталанып турушу ж-а жалпы закону ж-дөгү илим деп кайрайт. Азыркы кезде Б. м-нин идеяларын немец социологиясында марксизмге каршы келүүчү *субъективизм* ж-а *волюнтаризм* духунда өнүгүп жатат.

БАДИГИН Михаил Петрович (21. 10. 1923-ж. т.) — Даңк орденинин толук кавалери. 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. 1942-ж. Сов. Армияга Ош облнын Кара-Суу р-нунан чакырылган. Ошол эле жылы Сталинград фронтуна катышкан ж-а 3-Украина, 1-Белоруссия фронтторунда танкага каршы атылуучу куралдын (ПТО) командири болуп, Магнушев плацдармындагы салгылашууда душмандын 3 танкасын кыйратқан. Анын каармандыгы жогору бааланып, 3-дараж. Даңк ордени м-н (1944), Головачув ш-дагы душмандын коргонуусун талкалоодогу эрдиги үчүн 2-дараж. Даңк ордени м-н (1945), Берлинди алууда көрсөткөн эрдиги үчүн 1-дараж. Даңк ордени (1946) м-н сыйланган.

БАДМИНТОН (фр. volant—учуучу) — чачылуу топ ж-а ракетка м-н ойнолуучу спорттук оюн. Б. адегенде Байыркы Малайяда, кийинчерээк Азия өлкөлөрүндө пайда болгон. 1-жолу 1872-ж. Англияда демонстрацияланган. Бул оюн тик бурчтуу (13,4×6,1 *м* де экиөкиден ж-а 13,4×5,2 *м* де бир-бирден ойногондо) аянтчада 1,55 *м* бийиктиктеги керилип тартылган торчодон топту ашыра чаап ойнолот. Топ — булгаары м-н капталган пробка (массасы 4,5—7,0 *г*), ракеткасы (массасы 135—190 *г*) теннистик типте болот. Оюндун максаты — топту каршысынын аянтчасына түшүрүү.

БАДХЫЗ — Түркмен ССРинин түш.-чыгышындагы дөңсөө. Теджен ж-а Мургаб д-ларынын ортосунда. Бийик. 1000 *м* ге чейин. Капталдарында чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү, мисте бадалдары өсөт. Чуңкур жерлери такыр ж-а шор топурактуу.

БАДХЫЗ КОРУГУ—Түркмен ССРиндеги Теджен ж-а Мургаб өзөндөрүнүн аралыгындагы корук. Аянты 86 мин *га*. Б. к. 1941-ж. субтропиктик талаа ж-а чөл ландшафтын коргоо үчүн түзүлгөн. Талаасында тулап, өлөң чөп ж-а чатыр гүлдүү түрдүү өсүмдүк өсөт. Коруктa мисте токою бар. Кемирүүчүлөр, кескелдирик, жылан (гюрза, чекир жылан ж. б.) көп, тоосунда аркар, тоо ечки, кабылан, чүткөр, гепард, жейрен, көк жал кездешет. Канаттуулардан ак кажыр, жору, кузгун ж. б. бар. Мында кулан (700гө жакын) сакталып калган.

БАДЫРАК — куурулган буудай, жүгөрү, буурчак же арпа. Жүгөрү (тиш жүгөрү) кумга куурулганда, баары жарылып, көлөмү чоюлуп, ак түскө айланат. Жүгөрү Б. күйбөй бат куурулсун үчүн кургак кум кошулат. Буудай, буурчак, арпа кумсуз эле куурулат. Арпа Б. сокуга күйүшүлүп акталган. Б-ты көбүнчө жаш балдар жеген.

БАДЫРАҢ (cucumis sativus) — ашкабак тукумундагы бир жылдык жашылча өсүмдүгү. Сабагы жерге жайылып өсөт. Жалбырагы туташ, беш бурчтуу, өзөк тамырлуу. Айрым жыныстуу. Б. Индиядан таралып, анын көп формалары түзүлгөн. Составында витамин, кант, фермент, белок ж-а щёлочтуу туздар бар. Б. даамдуу, тамак-ашка пайдаланылат. Ал табитти ачат; тамакты сиңирүүгө жардам берет, организмдеги зат алмашуунуу жөнгө салат. Б. реси-када жашылчанын ичинен 4-орунду ээлейт, талаада ж-а жылытылма жайда өстүрүлөт.


М. Бажан.


Е. С. Базавлюк.


Ы. Базаров.

Акыркы жылдарда аны чүмкөмө плёнкалуу жасалгада өстүрүү кеңири колдонулууда. Кырг-нда Б-дын успех-221, маргелан, победитель, урожайный-86, щедрый-118 ж. б. сортто-



Бадыраң: 1 — жалбырак ж-а гүлдүү сабак; 2 — жемиши.

ру көбүнчө Чүй өрөөнүндө өстүрүлөт. Ысык-Көлдүн климат шарты да Б. өстүрүүгө ылайык.

БАДЯГАЛАР (Spongillidae) — кремний мүйүздүү губкалар түркүмүнө кирген, тузсуз сууну мекендеген омурткасыз жаныбарлар тукуму. Суу астындагы нерселерге жабышып жашайт. Дарак сымалдууларынын бийикт. 1 *м* ге жетет. Түсү жашыл, сары же күрөң. Б-дын скелети орг. заттар м-н бириктирилген кремний ийнечелеринен турат. Б-дын 16 уруусу жер шарынын тузсуз сууларында, анын 4 СССРдин дарыялары м-н көлдөрүндө жашайт. Жыныстык ж-а бүчүрлөө жолу м-н көбөйөт. Б. суу түтүктөрүн бузуп, зыян келтирет. Б-дан алынган күкүм медицинада да пайдаланылат.

БАЕТОВ Муса (1902—1949) — Кыргыз ССР эл артисти, обончу, ырчы, к. *Муса* Баетов.

БАЕТОВКА — Ысык-Көл обл-нын Ысык-Көл р-нундагы Чоң-Сары-Ой сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Чолпон-Атадан 9 *км* бат. тарапта. Рыбачье — Пржевальск шоссе жолунун боюнда. Калкы 405 (1972).

БАЖА — эже-сиңдилердин күйөөлөрү. Жалпы эле бир атадан тараган, тууган-туушкандардын кыздарынын күйөөлөрү туугандык жакындыгын туюндуруу иретинде бирин бири улуу-кичүүсүнө карабай Б. дейт.

БАЖАН Микола (Николай Платонович) [26. 9(9. 10). 1904-ж. т., Каменец-Подольский] —украин совет акыны, Соц. Эмг. Баатыры (1974), УССР ИАнын акад. (1951), 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Б-дын чыг-лык иши 1923-жылдан башталат. 1926-ж. Гражд. согуш темасында жазылган «Он жетинчи патруль» аттуу биринчи китеби чыккан. Акындын мындан кийинки чыг-лары соц. курулушка, жаңы турмушка арналган. «Өчпөс өмүр» (1937) поэмасында С. М. Кировдун образын түздү. «Аталар жана балдар» (1938) деген ырлар жыйнагында совет адамдарынын тынчтык эмгектеги ж-а Мекенди коргоодогу эрдигин ырдады. Улуу Ата Мек. согуштун күндөрүндө жазган «Ант» (1941) деген ыры украин элинин гимнине айланды. «Даниил Галицкий» аттуу тарыхый поэмасында карапайым элдин немец рыцарларына каршы күрөшүн көрсөттү. Бул чыг-лары үчүн Б. 1946-ж. СССР Мамл. сыйлыгын алган. Тынчтык үчүн күрөшкө чакырган «Англиялык таасирлер» (1949) жыйнагына 1949-ж. СССР Мамл. сыйлыгы берилген. Кийинки жылдары жараткан чыг-ларынын ичинен «Үмүт жөнүндө төрт аңгеме» (1967) өзгөчө мааниге ээ. Б.— Укр. Совет Энциклопедиясынын Башкы редактору. СССР Жог. Советинин 2—5-шайл. депутаты. Б. Ленин ордени, Кызыл Туу ж-а Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

Чыг.: Днепр толкундары (Советтик Украина жазуучуларынын жыйнагы), Фр., 1968; Полёт сквозь бурю, М., 1967.

Ад.: Адельгейм Е., Микола Бажан, К., 1965.

БАЗАВЛЮК (Слипько) Евдокия Сергеевна (1923-ж. т.) — Кыргыз ССРинин Сокулук р-нундагы «Новая жизнь» к-зунун звено башчысы. Соц. Эмг. Баатыры (1948). Б. эмгек жолун колхозчудан баштаган. 1941-ж. комсомол-жаштар звеносунун башчысы. 1947-ж. кант кызылчасынын ар гектарынан 870 *ц* түшүм жыйнаган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЗАЛЬТ (лат. basaltes, гр. básanos — сыналуучу таш, эфиоп. basal—тамырлуу таш)—магмалык тоо тек. Составынын негизги бөлүгү *плагиоклаздан* түзүлүп, кошумча иретинде пироксен, оливин, магнетит, ильменит, титанит, апатит ж. б. минералдар кездешет. Хим. составы б-ча *габброго* окшош ж-а анын эффузивдик аналогу. Б. майда бүртүктүү, нык келип, өңү кара, жашыл, кара сур. *Геологиялык мезгилдердин* бардыгында пайда болгон жанар тоо тек катмарларында кеңири таралган. Б-тарда жез, никель, платина ж-а исланд шпатынын кендери учурайт. Б.— эң жакшы курулуш материалы. Кавказ м-н Украинадан казылып алынат.

«БАЗАЛЬТ» КАТМАРЫ, к. *Литосфера.*

БАЗАНОВА Нейле Оразгүл кызы (11. 11. 1911-ж. т., Фрунзе ш.) — сов. физиолог. Казак ССР ИАнын акад. (1951), казак аялдарынан чыккан туңгуч биол. илимд. доктору (1945), Казак ССР илимге эмг. сиң. ишмери (1946). 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. Алматы вет. ин-тун бүтүргөн (1923). Ошол ин-ттун ассистенти, доценти, проф., кафедра башчысы (1932—48). Казак ССР ИАнын биол. ж-а мед. бөлүмүнүн акад.-секретары (1948—62), 1966-жылдан Казак ССР ИАнын Физиол. ин-тунун директору. Б. бодо малдын тоюттун сиңиришинин кээ бир өзгөчөлүктөрүн ж-а жаш төлдүн өсүшү м-н физиологиясын изилдейт. СССР Жог. Советинин 2—5-шайл. депутаты. Б. Ленин ордени ж. б. орден, медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Некоторые особенности пищеварения сельскохозяйственных животных в видовом, породном и возрастном аспекте, в кн.: VIII-Всесоюзный съезд физиологов, биохимиков, фармакологов, М., 1955; Физиология сельскохозяйственных животных, М., 1967.

БАЗАР — 1) белгилүү күнү шаарда же элдүү пунктта товар ж-а азык-түлүк сатылуучу жай. Б-дагы товар м-н азык-түлүктүн басымдуу бөлүгү аларды өндүрүүчүлөрдүн менчиги болот. Б-да мамл. ж-а колхоз соода-сатыгы кеңири уюштурулуп турат. Бул коомдук сооданын өркүндөшүнө шарт түзөт. 2) Мезгили м-н же майрам алдында мамл. соода да (мис., жаңы жыл Б., китеп Б.) Б. аркылуу өткөрүлөт.

БАЗАР-БАШЫ — Ош обл-нын Баткен р-нундагы Баткен сельсоветине караштуу кыштак. «Москва» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Баткенден 2 *км* түн. тарапта, Исфара (Тажик ССРи) т. ж. станциясынан 20 *км.* Калкы 767 (1971). Май з-ду, башталгыч мектеп бар.

БАЗАР-КОРГОН — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Базар-Коргон сельсоветине караштуу кыштак. Кара-Үңкүр суусунун сол жээгинде. Б.—Дзержинский атн., «Комсомол» к-здорунун борбору. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 13 *км* түш.-чыг. тарапта, Тентек-Сай т. ж. станциясынан 20 *км.* Калкы 12 950 (1970). Май ж-а пап з-ддору, пахта пункту, айылдык профтех. окуу жайы, 4 орто, 4 сегиз жылдык мектеп, 4 клуб, 12 китепкана, 2 оорукана, мед. пункт бар. Совет бийлигин орнотууда ж-а Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

БАЗАР-КОРГОН СУУ САКТАГЫЧЫ— Кырг-ндагы суу сактагычтардын бири.

Ош обл-нын Ленин р-нунда. Суу сактагычка Кара-Үңкүр суусу куят. Сыйымд. 22,5 млн. $м^3$, мунун ичинен 20,08 млн. $м^3$ сугатка сарп кылынат. Кыргыз ССРинин Ош обл-нын ж-а Өзб. ССРинин айрым р-ндорунун 18 000 *га* жерин суу м-н камсыз кылат. Плотинасынын эң бийик жери 25 *м*, уз. 2400 *м*. Суу чыгымы орто эсеп м-н 7,5 $м^3/сек$. Плотинада суу өткөргүч ж-а өлчөгүч бар.

БАЗАРЛЫК — базарга барган адамдын белекке алып келген буюму. Б. соода иштеринин өнүгүшү м-н келип чыккан.

БАЗАРОВ Ыйман (1918-ж. т.)— Кыргыз ССРинин Тоң р-нундагы Ленин атн. к-здун кой-товар фермасынын башчысы. Соц. Эмг. Баатыры (1958), 1934-жылдан колхозчу, кой-товар фермасынын башчысы. Анын фермасы 1957-ж. 15 774 ириктин ар биринен 3,191 *кг* жүн кыркып алган. Мамлекетке тапшырылган 2206 ириктин ар биринин тирүүлөй салм. 67 *кг* болгон эле. 1958-ж. 17 559 ириктин ар биринен 3,420 *кг* жүн кыркылган. Ал Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЗАР-ТУРУК—Нарын обл-нын Жумгал р-нундагы Жаңы-Арык сельсоветине караштуу кыштак. «Кыз-Арт» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Чаектен 56 *км* түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 124 *км.* Калкы 1174 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана бар.

БАЗЕДОВ ООРУСУ — калкан безинин чоңоюшу, анын функциясынын жогорулашы м-н мүнөздөлүүчү оору. Ооруну немец врачы К. Базедов ачкан. Б. о. нерв системанын бузулууга учурашынан (оор кайгы, корккондо, мээнин өтө чарчоосунан) келип чыгат. Б. о-на негизги үч белги — калкан безинин богокко айланышы, көздүн чанагынан чыгышы ж-а тамырдын тез кагышы мүнөздүү. Аны дарылоодо нерв ж-а жүрөк, кан тамыр системаларын жөнгө салуучу дарылардан жардам болбосо, хирургиялык жол колдонулат.

БАЗЕЛЬ—Түн. Швейцариядагы шаар. Рейн д-нын өндүрүндө. Аянты б-ча өлкөдө 2-орунда. Калкы 213,4 миң, шаар айланасы м-н 370,0 (1970). Б. Рим чеби катары 374-жылдан белгилүү. 13-к-дан Б.— соода м-н кол өнөрчүлүктүн борбору. 14-к-да империя шаары деген укук алган. Айланасындагы кыштактарды өзүнө кошуп отуруп, Б. бара-бара чоң аймактын (кантондун) борборуна айланган. 1501-ж. Б. Швейцария конфедерациясына кирген. 15—16-к. Б-де соода, кол өнөрчүлүк, кредит-сүткордук иштер, китеп басуу өнүгөт, шаар гуманизмдин Европадагы ири борбору болуп калат. 1529-ж. Б-де реформация жүргүзүлгөн. 17—18-к. олигархиялык патрицийлердин (ак сөөктөрдүн) режиминен кысым көргөн дыйкандар м-н шаардыктар бир нече ирет көтөрүлүшкө (1653—1789) чыккан. 1833-ж. кантондун кыштактарда жашаган калкы куралдуу көтөрүлүшкө чыгып, кыштак Б. деп өзүнчө жарым кантон түзгөн. Б-де эл аралык көп келишимдерге кол коюлган. Мында 1869-ж. 1-Интернационалдын 4-конгресси, 1912-ж. 2-Интернационалдын конгресси болуп өткөн. Б. — эл аралык мааниси бар соода-финансы борбору, ири трансп. тоому, Рейндеги порт. Ал аркылуу өлкөнүн 40%ке жакын дүң продукциясы сыртка чыгарылып, алынып келип турат. Б-де көптөгөн швейц. ж-а эл аралык эсептешүү банкысы бар. Ө. ж. б-ча Цюрихтен кийинки шаар. Б-де машина куруу, химия, жибек, дары-дармек ө. ж. бар. Анын китеп басып чыгаруу, китеп соодасын жүргүзүү б-ча мааниси чоң.

Б-де Рейн д-сы шаарды экиге (Чоң Базель ж-а Кичине Базель) бөлүп агат, өйүз-бүйүз көпүрөлөр (5) аркылуу каттaшып турат. Архит. эстеликтерден роман-готика собору (1019-ж. башталып, 15-к-да бүткөн), эски ун-т (1460), тарыхый ж-а этногр. музей ж. б. бар. *Кайра жаралуу* доорундагы сүрөтчүлөрдүн (Х. Хольбейн, Х. Бальдунг), импрессионисттердин, О. Роден, А. Майоль ж. б-дын скульптуралык эмгектери сакталган.

БАЗЕЛЬ ТЫНЧТЫК ДОГОВОРЛОРУ (1795)— Францияга каршы биринчи коалициянын катышуучулары Пруссия м-н Испаниянын ж-а Франция Респ-касынын ортосунда Базелде түзүлгөн тынчтык договорлор. 5-апрелде Франция-Пруссиянын договору м-н Рейндин сол жээги Францияга өткөн (договордун бир катар жашырын статьялары болгон). 22-июлда Франция м-н Испаниянын ортосунда түзүлгөн договор б-ча Гаити а-нын испаниялык бөлүгү Францияга өтүп, Каталониядагы, Наваррадагы ж-а Баск провинцияларындагы франц. аскерлер ээлеп алган терр-ялар Испанияга кайтарылып берилген. Б. т. д. франц. армиянын ийгилигин ж-а Францияга каршы биринчи коалициянын ич арасындагы карама-каршылыктар күчөгөндүгүнүн далили болуучу. Б. т. д-нун түзүлүшү бул коалициянын бузула баштагандыгын көрсөткөн.

БАЗЕЛЬ МАНИФЕСТИ (1912) — 24—25-ноябрда Базелде (Швейцария) 2-Интернационалдын конгрессинде кабыл алынган манифест. Балкан согушу башталган ж-а дүйн. согуштун чыгып кетүү коркунучу кырдаалында эл аралык пролетариатты согушка ж-а үстөмдүк кылуучу таптарга каршы аёосуз күрөшкө чакырган. Б. м. 2-Интернационалдын Штутгарт конгрессинин рез-ларындагы негизги жоболорду ырастап, согуш башталса, ал экон. ж-а саясий кризисти пайда кыларын көрсөткөн. Бирок 2-Интернационалдын оппортун. лидерлери Б. манифестин бузуп, согуш башталганда, өз өкмөттөрүнүн импер. саясатын жактап кетишкен.

БАЗИДИЯЛУУ КОЗУ КАРЫНДАР, базидиомицеттер [Basidiomycetes (гр. basidion — фундамент ж-а mykes — козу карын)] — көбөйүү органы базидия болгон татаал түзүлүштүү козу карындар классы. Жетилген базидиянын өсүндүлөрүндө стеригмаларында 4 спорасы (базидиоспоралар) жайгашкан. Ар бир базидиоспорадан козу карынча өсүп чыгат. Б. к. к. классынын 15 миңден ашуун түрү бар; алардын көпчүлүгү желет (кабыйың козу карыны, ак козу карын ж. б.), кээ бири уулуу (мухомор, кууба арам ж. б.) ж-а өсүмдүктөрдү ар кандай илдеттерге учуратат. Б. к. к. эки классчага: базидиясы бир клеткадан турган холобазидиомицеттерге ж-а базидиясы 4 клеткадан турган фрагмобазидиомицеттерге бөлүнөт.

БАЗИЛИК (Ocimum) — эрин гүлдүүлөр тукумундагы бадал же бадал сымал өсүмдүк. Тропиктик ж-а субтропиктик өлкөлөрдө анын 150гө жакын жапайы түрү кездешет. Мелүүн климаттуу райондордо эфир майын алуу үчүн айрым түрү өстүрүлөт. Грузияда, Краснодар крайында эвгенол Б. эгилет. Гектарынан 40—80 *ц* жашыл масса жыйналып алынат. Анда 0,3% эфир майы, 70%ке чейин эвгенол болот. Майы м-н эвгенол парфюмерия ж-а тамак-аш ө. ж-да, ванилин препаратын чыгаруу үчүн медицинада колдонулат. Б. катар аралыгы иштетилүүчү өсүмдүктөр сыяктуу айдалып, жер семирткичтер м-н азыктандырылат. Жашыл массасы чанагы саргайып, уругу быша баштаганда жыйналат. Огород Б. негизинен СССРдин европ. бөлүгүндө өстүрүлүп, тамак-ашка татымал катарында, кондитер өндүрүшүндө ж-а ликер чыгарууда пайдаланылат.

БАЗИЛИКА (гр. basilikē — падыша үйү)— о. кылымдагы ичи бир нече колонна ж-а түркүктөр м-н жасалганган храм. Анын дубалдарынын жог. тарабы айнек м-н кыналып, андан дубалдын капталындагы нефтерге жарык түшүп турат. Б-нын кире беришиндеги бөлүкчө нартекс деп аталып, анын каршысына чоң жарым тегерек (апсида) купол м-н чатырланган имараттын бөлүгү орношкон. Рим империясында Б. сот залы, базар ж-а биржа катарында пайдаланылган. Кийинчерээк ал сыйынуучу жайга, бара-бара храмга айланган.

БАЗИС ЖАНА НАДСТРОЙКА —тарыхый материализмдин белгилүү бир коомдун экон. ж-а саясий мамилелеринин байланыштарын билдирүүчү негизги категориялары. Коомдун өнүгүшүнүн белгилүү бир тарыхый баскычындагы өндүрүш мамилелеринин жыйындысы, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн белгилүү бир баскычына ылайык келе турган экон. түзүлүш базис (гр. básis — негиз, байдубал, түп) деп аталат. Коом өз өнүгүүсүнүн кайсы гана баскычында турбасын, материалдык байлыктарды өндүрүүгө муктаж болот. Өндүрүштө адамдар өз эркинен тышкары белгилүү бир өндүрүштүк мамилелерге киришет.

Бул мамилелер алардын материалдык өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүү баскычына ылайык келет. Базис м-н байланыштуу болгон коомдун идеол. мамилелеринин, көз караштарынын ж-а мекемелеринин жыйындысы надстройка (орусча — негиздин үстүндөгү нерсе, дубал) деп аталат да, ага мамлекет ж-а укук, философия, мораль, дин, иск-во, коомдук аң-сезимдин саясий ж-а укуктук формалары, аларга ылайык келүүчү мекемелер ж-а уюмдар кирет. Б. өндүргүч күчтөрдүн мүнөзүнө ылайык өзгөрүп турат. Коомдун экон. түзүлүшүндөгү өзгөрүш надстройканын өзгөрүшүн камсыз кылат. Надстройка — базистин туундусу, ага көз каранды. Базис катып калган нерсе эмес, белгилүү бир тарыхый доордо эски базис жаңы базис м-н алмашып турат. Бул тарыхтын объективдүү закон ченеми болуп, өндүргүч күчтөр м-н өндүрүштүк мамилелердин ортосундагы диалек. каршылыкты көрсөтөт. Базис таптын мүнөзүнө жараша эки түрдүү болот:

а) адамды адам эзүүгө, таптык антагонизмге негизделген базис. Анын материалдык негизи — өндүрүш каражаттарына жеке менчиктин үстөмдүк кылышы. Буга кул ээлөөчүлүк, феод., капит. формациялар кирет. Капит. коомдун базиси буржуазиянын пролетариатты эксплуатация кылышына, ушул эки таптын антагонизмине негизделген. Капит. коомдун надстройкасында буржуазиянын үстөмдүк кылуучу идеологиясы м-н катар жумушчу табынын соц. идеологиясы да жашайт. Ар бир коомдук-экон. формациянын өз базиси ж-а ага ылайык келе турган надстройкасы болот. Өндүрүштүк мамилелер — коомдун экон. базисинин өзгөрүшү м-н анын надстройкасы да өзгөрөт. Белгилүү бир формациянын ичиндеги надстройка дайыма өзгөрүштө, эволюцияда болот. Таптык коомдо надстройка таптык мүнөздө. Бул кул ээлөөчүлүк, феод., капит. формацияларда байкалган. Капитализмдин надстройкасы бурж. жеке менчикти чыңдоого, капитализмди кыйроодон сактап калууга кызмат кылат;

б) антагонисттик эмес, б. а. эксплуатациядан эркин жашаган эмгекчилердин ортосунда тууганча камкордук көрүү ж-а өз ара жардамдашуу мамилелерине негизделген базис. Мындай базистин материалдык негизи — өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчик. Буга соц. коомдун базиси кирет. Соц. коомдун надстройкасы, б. а. соц. мамлекет, укук, саясат, мораль ж-а филос. көз караштар өзүнүн экон. негизине, базисине кызмат кылат. Надстройка базиске көз каранды болсо да, бир катар өз алдынчалыкка ээ. Надстройка базисти өзүндө чагылдырып гана тим болбой, өз кезегинде өндүргүч күчтөргө, өндүрүштүк мамилелерге, демек, базиске активдүү таасир кылып, анын өнүгүшүнө жардам берет же тоскоол кылат. Бир коомдук формациядан экинчи формацияга өткөндө, ошого ылайык бир Б. ж-а Н-нын ордуна экинчи Б. ж-а Н. келет да, рев-чыл күчтөр реакциячыл күнү бүткөн идеол. формаларды жоёт, алдыңкы катардагы идеяларды сактап калат. Капитализмдин кезинде бурж. идеология жашап турган коомду түбөлүк сактап калууга жан талашса, пролет. идеология ошол коомду талкалап, анын ордуна жаңы социалдык түзүлүштү орнотууга аракеттенет. Соц. коомдун надстройкасы коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н соц. базисти өнүктүрүп, импер. ж-а агрессиячыл күчтөргө каршы өлкөнүн коргонуу күчүн, дүйн. жумушчу ж-а коммунисттик кыймылдын биримдигин чыңдоого кызмат кылат.

Ад.: Каммари М. Д., Что такое базис и надстройка общества, М., 1957; Келле В., Ковальзон М., Курс исторического материализма, М., 1969.

БАЗИСТИК ПРИБОР—бир багыт б-ча белгиленген жер бетиндеги аралыктын же базистин узундугун өтө тактык м-н ченей турган геод. прибор. 1880-ж. швед геодезисти Едерин ойлоп чыгарган. Б. п. 1-жолу Россияда колдонулган. Алгачкы учурда темир сызгычтар колдонулса, азыр: 1:1 000 000-дон ашпаган тактыкты камсыз кылуучу инвар зымы пайдаланылат. Зымдын уз. 24 *м*. Эки учундагы 8 *см* лик аралыктар *мм* шкалаларга бөлүнгөн. Аралыктын узундугу, зымдын эки учуна 10 *кг* дык жүктөр илинип, зым керилгенден кийин гана ченелет.

БАЗИСТИК ТАРМАК — геод. ченөөлөрдө колдонулуучу үч бурчтуктардын системасы. Ал жер бетинде тикеден-тике өлчөнгөн геод. кыска базистен, триангуляциянын составына кирүүчү үч бурчтуктардын биринин узунураак жагына талап кылынган тактыкта өтүүнү камсыз кылат. Б. т. триангуляциянын баштапкы жактарын түздөн-түз өлчөө мүмкүн болбогон учурларда түзүлөт.

БАЗОФИЛИЯ — клеткалык түзүлүштөрдүн негизги боёктор м-н боёлуута жарамдуулугу. Б. клеткаларда кычкылдуу компоненттердин — көбүнчө рибонуклеин к-таларынын (РНК) болушуна негизделген. Б. белокту көп синтездегендиктен, составында РНК арбын клеткаларга мүнөздүү болот. Мис., эмбриондун, шишиктин ж-а нервдин клеткалары ж. б. Бул процесс ж-дөгү тагыраак көрсөткүчтөр авторадиография ж-а цитофотометрия методдору аркылуу аныкталат. Клеткалык структуралардын Б-сы же ацидофилиясы кандын клеткаларын айырмалоо, гипофиздин алдыңкы бөлүгүнүн клеткаларын ж. б-ды анализдөө үчүн пайдаланылат.

БАЙ — О. Азияда, Каз-нда ж-а Кавказдын айрым жерлеринде болгон ири мал ж-а жер ээси. Капит. мамилелерге чейин калыптанган. Кыргыз Б-нын мүлкү мал болуп, алар эзүүчү таптардын негизин түзгөн. Б. малай күчүн пайдаланып, өздөрүнүн жарды-жалчы туушкандарына саан, унаа, ортокко жер берип, иштетип байышкан. Ири байлардын түмөндөгөн төрт түлүк малы, жайыттары же өлчөмдө айдоо аянттары болгон. Кочкор өрөөнүндөгү бай Шамен Сейт уулунун 2000 жылкысы, 3000 кою, 200 төөсү, 300 уюу, Солтон-Сары м-н Кара-Кужурду ээлеген Калча байдын 10000 кою, 1000 жылкысы, 200 төөсү болгон. Калчанын малын 21 койчу, 15 жылкычы ж-а да бир топ адамдар багышкан. Дыйканчылык өнүккөн жердеги Б-лар ири жер ээлери да болушкан. Куршабдык Ташмамат бай 250, ала-букалык Калмабай 270, ноокаттык Нурмат 150 танап (1 танап — 1/6 *га* га жакын) жер ээлешип, ар бири ондогон батрактардын ж-а чайрекерлердин эмгегинен пайдаланышкан. Россияга кошулгандан кийин Б-лар орус буржуазиясына жакындашып, капит. тартиптин жерлердеги тиреги болду. Алар манаптар ж-а динчилдер м-н бирге рев-яга ж-а Совет бийлигине каршы чыгышып, 1918—24-ж. контррев-ялык улутчул козголоңдорго катышып, басмачыларды колдоду. Ошондуктан Совет бийлиги алгачкы жылдардан эле байларды чектөө саясатын жүргүздү. 1927—28-ж. Кырг-нда болгон Жер-суу реформасынын негизинде 494 байдын чарбасы жоюлуп, 3447 оокаттуу чарба кысымга алынды, алардан 17277 *га* жер коомдоштурулду. 1929-ж. Кыргыз АССР БАКтын ири Б-лар м-н манаптарды респ-канын чегинен сырткары жер которуштуруу ж-дөгү чечимине ылайык таасирлүү байлардын баары башка жакка айдалды. Ал эми а. ч-сын коллективдештирүү негизинде Б-лардын калдыгы тап катары жоюлду.

Ад.: Кыргыз ССР тарыхы, 2-т., Фр., 1973; Дүйшөмалиев Т., Очерк истории коллективизации сельского хозяйства Киргизии, Фр., 1965. Усенбаев К., Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства, Фр., 1961.

БАЙ ЯНЬ-ХУ, Мухаммед Аньюб Бай Су (1840—82) — 1862—77-жылдагы дунган көтөрүлүшүнүн жетекчилеринин бири. Ал «Янь-Ху» («Тайманбас жолборс») деген ылакап атын дунган элинин Цинь династиясынын зомбулугуна каршы күрөшүнө активдүү катышкандыгы ж-а жетекчилик кылганы үчүн алган. Көтөрүлүш жеңилген соң Б. Я.-Ху дунган калкынын бир бөлүгүн Россияга баштап келген. Ал адегенде Кара-Коңузда (дунганча — Иньпань, азыркы Жамбыл обл., Кордой р-ну) турган. 1880-жылдын башында Пишпекке көчүп келип, 1882-ж. 26-июлда ошо жерде каза болгон. Б. Я.-Ху дунган элинин тарыхына улуттук баатыр, Кытайдагы Цинь зомбулугуна каршы элдешпес күрөшчү катары кирди.

БАЙБАТЫРОВ Адамкалый (1895—1953) — белгилүү кыргыз өнөрпозу, к. *Адамкалый Байбатыров.*

БАЙБИЧЕ — 1) рев-яга чейин кыргыз арасында болгон көп аялдуу эркектин, асыресе бай-манаптын биринчи аялы; 2) жашы улуу аялды кичүүлөрдүн ызааттап аташы.

БАЙБИЧЕ ТООСУ Нарын кырка тоосунда. Орто Нарын ж-а Ат-Башы өрөөндөрүн бөлүп турган тоо. Уз. 75 *км*, туурасы 48 *км*. Орт. бийикт. 3000—3300 *м*, эң бийик жери 3456 *м* (Төө-Куйрук). Палеозойдук аки таш, сланец ж-а гранит тектеринен турат. Неотектон. түзүлүшү б-ча — *антиклиналь-горст*. Чыг. тарабы кууш коктулар м-н тилмеленген. Тоону кесип өткөн антецедент капчыгайлары (Кара-Бук, Ак-Тал, Учкун, Терек) бар. Үстү түзөң, мөңгү жок. Түн.-чыг. капталдарынын кээ бир жери токой (карагай, бадал), колотторунда субальпы өсүмдүктөрү (3100—3300 *м*), түш. күнөстүү беттеринде бетеге, шыбак, доңуз сырты өсөт. Малга жайлуу. Б. т. аркылуу Дөрбөлжүндөн Орто-Сыртка автомоб. жолу өтөт.

БАЙБИЧЕНИН СООРУСУ — Кыргыз Ала-Тоосунун түн.-чыг. четиндеги тоо. Чыгыштан батышты карай 18 *км* созулат, туурасы 3—5 *км*. Орт. бийикт. 1700—2000 *м*, эң бийик жери 2254 *м*. Генет. тиби б-ча — *горст-антиклиналь*. Б. с. асимметриялык түзүлүштө: түш. капталы тик ж-а чолок, түндүгү жантайыңкы. Үстү жон сыяктуу келип, байыркы денудациялык рельефтен турат. Түн. бетин ж-а жонун шалбаалуу талаа, чыг. ж-а түш. капталдарын кургак талаа ландшафттары ээлейт. Түндүгүндө кууш Бөрүбай, түштүгүндө Желаргы өрөөндөрү жатат.

БАЙБУЛАТОВ Бегалы Байбулатович (1905-ж. т., Каракол у., Чиркей айылы) — сов. тарыхчы, тарых илимд. доктору (1966), 1926-жылдан КПСС-тин мүчөсү. 1925—28-ж. партиялык-сов. мектепте окуган. 1928—34-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун пропагандисти, ВКП(б) Кызыл-Кыя райкомунун бөлүм башчысы ж-а биринчи секретары. 1934—37-ж. ВКП(б) БКнын алдындагы Кызыл профессура ин-тунда окуган. 1937—42-ж. Фрунзедеги Комвуздун директору, Кыргыз ССР Радио комитетинин пред-ли, Ош мугалимдер ин-тунун директорунун орун басары. 1942—47-ж. Сов. Армияда болгон. 1947—52-ж. Кырг-н КП(б) БКнын лектору, Жалал-Абад мугалимдер ин-тунун директору. 1952—59-ж. Кырг-н КП БКнын алдындагы Партия тарыхы ин-тунун директору. 1959-жылдан бери ошол эле ин-тта ст. илимий кызматкер. Кырг-н Компартиясынын 8, 9-съезддеринде Кырг-н КПнын Текшерүү комиссиясынын пред-лдигине шайланган. Кызыл Жылдыз, эки «Ардак Белгиси» ордени, медалдар, грамоталар м-н сыйланган.

Чыг.: Адамдардын аң-сезиминдеги өткөндүн калдыктарын жоюу жөнүндө, Фр., 1957; Социально-экономический строй Киргизии до Великой Октябрьской социалистической революции, Фр., 1958; От кочевья к социализму, Фр., 1969.

БАЙГЕ — мелдеште жеңгендиги үчүн берилүүчү сыйлык. Б. ат чабышта, күрөштө, эр эңиште ж. б. ар кандай мелдештерде берилет.

БАЙГЕЛДИ — Аламүдүн р-нундагы Орто-Алыш сельсоветине караштуу кыштак. «Аламүдүн» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Аламүдүндөн 30 *км* түш.-бат. тарапта, Пишпек т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 406 (1974), медпункт бар.

БАЙГӨНЧӨК — Нарын обл-нын Ак-Талаа р-нундагы Ак-Кыя сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Дөрбөлжүндөн 10 *км* түн. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 300 *км*. Калкы 302 (1974). Башталгыч мектеп, медпункт бар.

БАЙДА Григорий Иванович (16. 12. 1902-ж. т.) — комбайнёр, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1951, 1958), УССРдин а. ч-га эмг. сиң. механизатору. 1959-жылдан КПССтин мүчөсү. 1929—32-ж. заводдо иштеген. Криничан р-нундагы Криничан МТСинин трактористи (1932—38), Новомосковск МТСинин (1938—41, 1945—59) ж-а Днепропетровск обл-нын Новомосковск р-нундагы «Выдвиженец» к-зунун комбайнёру (1959). С-6 комбайны м-н 25 жумуш күнүндө 8197 *ц* дан ж-а май өсүмдүгүн бастырган (1950). УССР Жог. Советинин 5-шайл. депутаты. Эки Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЙДУКОВ Георгий Филиппович [13(26). 5. 1907-ж. т.] — авиациянын ген.-полковниги (1961), Сов. Союз. Баатыры (1936). 1936-жылдан КПСС-тин мүчөсү. Т. ж. жумушчусунун үй-бүлөсүнөн. 1926-жылдан Сов. Армияда. Аскердик учкучтар мектебин бүтүргөн (1928); учкуч-сыноочу. 1936-ж. В. П. *Чкалов*, А. В. *Беляков* м-н Москвадан Удд а-на, 1937-ж. Түн. уюл аркылуу АКШга учкан. 1939—40-ж. сов.-финл. согушуна катышкан. Улуу Ата Мек. согушта авиац. дивизиялардын, авиакорпустун командири. Согуштан кийин да командачылык кызматтарда иштен келди. 1947—49-ж. гражд. аба флотунун Башкы башкармасынын начальниги. 1952-жылдан СССР коргоо мин-восунда жооптуу кызматта иштеди. 2 Ленин ордени, 4 Кызыл Туу ордени, 2-дараж. Суворов, 1, 2-дараж. Кутузов, 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, 4 Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. «Америкага биздин учушубуз» (1937), «Учкучтун запискалары» (1938), «Чкалов жөнүндө» (1939) китептердин автору.

БАЙДУЛУ ТООСУ — Орто Нарын өрөөнүнүн түн.-чыгышындагы Нура кырка тоосунун бат. уландысы, Он-Арча суусунун алабында. Уз. 45 *км*, туурасы 12—16 *км*. Орт. бийикт. 3800—4000 *м*, эң бийик жери 4167 *м* (Он-Арча). Рельефи альпы тибине кирет. Чыгышы аскалуу, батышында тайпаң жерлер кезигет. Түш. капталы терең колоттуу, өрөөндүү. Байыркы муз каптоолордун издери байкалат. Негизинен палеозойдун сланец, аки таш теги, кумдук, палеоандезит, туф, туфтуу конгломерат ж-а дациттер сыяктуу тоо тектерден түзүлгөн. Аларды герциндин монцонит м-н гранодиорит интрузиялары жирен чыккан. Тоонун тектон. ички структурасы — анын кыры м-н жарыш багытта жайгашкан Байдулу синклиналы. Ал түндүгүнөн Ак-Таш, түштүгүнөн Түш. Соң-Көл — Көк-Тай аттуу тектон. байыркы терең жаракалар м-н чектелген. Синклиналдын түштүгүндө Соң-Көл-Суу антиклиналы жатат. Кен байлыктары: алтын (Кум-Бел, Кара-Үңкүр), шеелит, кобальт (Муз-Төр). Курулушка керектүү материалдары да бар. Түн. капталына — субальпы, альпы ж-а нивaль, түштүгүнө нивалдык (3900—4100 *м*), альпы (3900—3500 *м*), субальпы (3500—3100 *м*), суйдаң токой (3100—2800 *м*), тоолуу шалбаа (2800—2500 *м*) алкактары мүнөздүү. Он-Арча суусунун алабында палеолит адамы жашаган турак табылган.

БАЙЖИЕВ Мар (13. 3. 1935-ж. т., Жалал-Абад ш.) — кыргыз совет жазуучусу, драматург, прозачы. Кыргыз ж-а орус тилдеринде жазат. 1966-жылдан КПСС мүчөсү. КМУнун филол. ф-тетин (1960), Москвадагы Жог. сценаристтер курсун бүтүргөн (1964). Жазуучулук иши студенттик жылдарында башталган. Кыргызча 1961-ж. «Кара-Курт» аттуу биринчи сатиралык аңгемелер жыйнагы, 1966-ж. «Чыйыр» аңгемелер ж-а повесттер жыйнагы, 1974-ж. «Адашкан адам» деген интермедия, бир ж-а көп актылуу пьесалар жыйнагы, орусча 1964-ж. «Кайра келүү», 1969-ж. «Өгөй бакыт» аңгемелер ж-а повесттер жыйнагы жарык көргөн. Б.— «Балдар бойго жеткенде» (1965), «Ар бир үйдө майрам» (1973) пьесаларынын, белгилүү эпос «Кожожаштын» мотиви б-ча жазылган «Байыркы жомок» (1975) драмасынын автору. Айрым пьесалары көп тилдерге которулуп, Москванын ж-а союздаш респ-калардын, о. эле айрым соц. өлкөлөрдүн (Польша, Болгария, ГДР ж. б.) театрларында ж-а телевидениесинде көрсөтүлгөн.

Ад.: Кырбашов К., Турмуш жаңылыктары, Кыргызстан маданияты, 1967, 9-июнь; Аксанов М., Первая встреча. Советская Киргизия, 1965, 10 января.

БАЙКАЛ — Чыг. Сибирдин түш. бөлүгүндөгү көл, РСФСРдин Бурят АССР м-н Иркутск обл-нын аймагында. Абс. бийикт. 456,0 *м*. Аянты 31,5 миң *км*^{2}, уз. 636 *км*, орт. кеңд. 48 *км*, эң жазы жери 79,4 *км*. Б.— жер шарындагы эң терең көл, орт. тереңд. 730 *м*, эң терең жери 1620 *м*. Суу жыйнаган алабынын аянты 557 миң *км*^{2}. Суу массасынын көлөмү 23 миң *км*^{3} (тузсуз суулардын дүйн. запасынын $1/5$ бөлүгүн түзөт). Тектон. күчтөрдүн таасиринен пайда болгон. Көлгө 336 дарыя-суу куят. Ирилери: Селенга,



Байкал көлү.

Баргузин, Жог. Ангара ж. б. Көлдөн Ангара д-сы гана агып чыгат. Эң чоң булуңдары: Баргузин, Чивыркуй, ири жарым аралы — Ыйык тумшук, аралы — Ольхон. Айланасындагы жерлерге караганда кышы жылуураак, жайы мелүүнүрөөк. Августта суунун темп-расы үстүңкү катмарында 9—12°C, жээктеринде 20°Cге чейин жетет. 250—300 *м* тереңдикке чейин суунун темп-расы өзгөрүп турат, андан ары туруктуу (3,2—3,5°C). Б. январда тоңуп, майда ачылат. Суусу тунук (40 *м* тереңдикке чейин), аз минералдашкан, кислородго бай. Б-да жаныбарлардын 1200, өсүмдүктөрдүн 600гө жакын түрү бар, алардын 3/4 бөлүгү — эндемиктер. Балыктын 50 түрү (промыселдик балыктар: омуль, хариус ж. б.), тюлень, моллюскалар бар. Кеме жүрөт (210—260 күн). Башкы пристандары: Байкал, Листвянка, Танхой, Турка, Усть-Баргузин, Нижнеангарск. Б. алабынын табигый байлыктарын сактоо ж-а аны үнөмдүү пайдалануу ж-дө 1969-ж. СССР Мин. Совети атайын токтом кабыл алган. Б-дын айланасындагы калктуу жайларда ил. из. мекемелери, турбазалар жайгашкан.

БАЙКАЛ БҮКТӨЛҮҮСҮ — протерозойдун аягы м-н палеозойдун башталышындагы тоо тек катмарларынын бүктөлүүсү. Терминди 1932-ж. Н. С. Шатский киргизген. Ал жер бетинин бардык бөлүгүндө кездешет. Б. б-нүн натыйжасында пайда болгон түзүлүштөрдүн бири — Сибирь платформасынын түш. бөлүгүндөгү бүктөлүү системалары. Б. б. мезгилинде байыркы платформалардын аймагында ири *авлакогендер* пайда болгон.

БАЙКАЛ КЫРКА ТООСУ — Байкал көлүнүн түн.-бат. жээгин бойлой созулган тоо. Уз. 300 *км*. Орт. бийикт. 1700—2000 *м*, эң бийик жери 2572 *м*. Протерозойдун кристаллдык сланецинен, аки таш, кварцит ж-а гранит тоо тектеринен турат. Көл жак тик капталдарында 900—1000 *м* бийиктикке чейин токойлуу талаа, андан жогору ийне жалбырактуу тайга токою ж-а майда бадалдар өсөт. Тоонун чокуларында тундра өсүмдүктөрү өсүп, шагыл таштуу келет. Түн. бөлүгүндө байыркы муз доорунун издери даана байкалат.

БАЙКАЛ - АМУР МАГИСТРАЛЫ (БАМ) — Байкал көлү м-н Амур д-нын ортосундагы ири темир жол курулушу. Бул Чыг. Сибирь ж-а Ы. Чыгыштагы Транссибирь магистралына жарыш курулуп, Иркутск, Чита, Амур обл-тарынын, Хабаровск крайынын ж-а Бурят АССРинин аймагын кесип өтөт. Магистралдын долбоордогу уз. 3150 *км*. Тайшет — Усть-Кут ж-а Комсомольск-на-Амуре — Советтик Гавань линияларына туташтырылат. БАМ трассасынын негизги курулуш пункттары: Усть-Кут, Нижнеангарск, Чара, Тында, Ургал ж-а Комсомольск-на-Амуре. Курулуш өлкөнүн табияты катаал аймактарында жүргүзүлүүдө. БАМдын курулушу — өлкөнүн чыгышындагы аймактын өндүрүштүк ири комплексинин алгачкы башталышы. Трасса өтүүчү, ага жакын жер көп жыл бою изилденип, ири кен байлык запастары (таш көмүр, темир, жез, калай ж. б.) табылды. Магистраль ар түрдүү жаратылыш районун аралап кетет. Жол өтүүчү тилкенин дээрлик бардыгы интенсивдүү тектон. кыймылда, эртедир-кечтир жер титирөөшү ыктымал. Мис., 1957-ж. 27-июнда 10 баллга жеткен жер титирөөдөн Удокан тоо кыркасы 1—1,5 *м* ордунан жылып, Намаракит ойдуңу 5—6 *м* чөгүп кеткен. Трасса өтүүчү терр-яда түбөлүк тоң орун алып, тоо кыркаларынын чокуларында калың 1000 *м* ден ашат. Тоо арасындагы ойдуңдарда кышкысын темп-ра 60° ка чейин төмөндөп, жылдын жылуу мезгилинде 35—38° жогорулайт. Тоого кар калың түшүүнөн жыл бою көчкү жүрүү коркунучу туулуп, ал айрыкча Кодар, Удокан, Түн. ж-а Түш. Муйск, Эзоп ж. б. тоо кыркаларында даана байкалат. Ошондуктан бул жерлерде долбоорлоо-изилдөө ишин жүргүзүү оңой болбогондугу, о. эле алгачкы куруучулардын алдында катаал шартта жоопттуу милдет тургандыгы белгилүү. БАМ жети ири тоо кыркасын, бир нече чоң дарыяны басып өткөндүктөн, айрым өткөөлдөргө тешкен тоо ж-а көпүрө, 60тан ашык айыл-кыштак ж-а шаар курулмакчы. Бирок мурда трассада бир да шаар же ири ө. ж. борбору болгон эмес. Бул курулуш болжол м-н он жылдын ичинде аяктайт, жолдун утуру бүткөн бөлүгү пайдаланууга бериле берет. БАМды куруу бүткүл элдик ишке айланып, өлкөнүн булуң-бурчунан атайын комсомолдук отряддар барууда, анын ичинде Кырг-ндын жаштары да бар. Кыргыз эмгекчилери БАМдын Вельбеткан т. ж. станциясын курууну шефке алган. Азыр респ-канын долбоорлоо ж-а курулуш уюмдары станциянын ар кандай курулушунун долбоорлоо-изилдөө жумуштарын аяктоо алдында. Жаңы темир жол Чыг. Сибирь м-н Ы. Чыгыштын экономикасын өйдөлөтүүгө гана жардам бербестен, жалпы өлкөнүн экон. ж-а социалдык-маданий өнүгүшүнө, коммунизмдин материалдык -тех. базасынын түзүлүшүнө да көмөктөш болмокчу.



Кыргызстан механизаторлору БАМ курулушунда.

БАЙ-КАШКА-ТЕРЕК — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нунун Афлатун сельсоветине караштуу кыштак. Афлатун суусунун боюндагы Тельман атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Каравандан 28 *км* түн. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 93 *км*. Калкы 357 (1974). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

БАЙКЕ (бай ж-а аке сөзүнүн биригишинен) — өзүнөн улуу эркек туугасына, о. эле жалпы улуу эркектерге урмат м-н кичүүлөрү кайрылуучу сөз.

БАЙКЕНОВ Нурлы (1. 1. 1915-ж. т., Тобыл губ., Ахмет айылы) — генерал-майор (1962). 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. Омск педин-тун (1936) ж-а Ленин атн. аскердик саясий академиясы (1952) бүтүргөн. 1940-ж. Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Улуу Ата Мек. согушта ротанын саясий жетекчисинен корпустун саясий бөлүмүнүн инспекторлугуна чейин көтөрүлдү. Карелия фронтундагы уруштарга ж-а Тернополь, Прага ш-ларын бошотууга катышкан. 1946—58-ж. Түркстан аскер округунда саясий кызматта болду. Б.— 1958—60-ж. Казак ССР аскер комиссариатынын саясий бөлүмүнө башчы, 1960-жылдан респ-канын аскер комиссары. Казакстан КП БКнын мүчөсү (1961). Казак ССР Жог. Советинин 6—8-шайл. депутаты, КПССтин 24-съездинин делегаты. Бир нече орден ж-а медаль м-н сыйланган.

БАЙКОО — жаратылышта ж-а коомдо болуп жаткан өзгөрүштөрдүн жүрүшүн түшүнүүгө мүмкүндүк берө турган кабыл алуу процесси; түздөн-түз кабыл алуунун негизинде айланадагы чындыкты таанып билүү методу. Б.— таанып билүү процессинин реалдуу түрү. Илимий Б. мурдатан ойлонуштурулган план б-ча жүргүзүлүп, өзүнүн белгилүү милдеттери болот. Б-нун ийгиликтүү болушу алдыга коюлган максаттын ачык-айкындыгына ж-а конкреттүүлүгүнө, байкалуучу нерселер м-н көрүнүштөр ж-дөгү билимдин болушуна байланыштуу. Байкоонун жалпы планы ж-а аны жүргүзүүнүн негизги жолдору алдын ала белгиленип коюлат. Б. ойлоо процесси м-н тыгыз байланышта. Б. убагында тийиштүү болжол болбосо, фактыларды туура түшүнүү мүмкүн эмес. Б. жүргүзүүдө чеберчилик, кыраакылык талап кылынат. Табигый закондорду ачууда Б. методунун ролу зор. Менделеевдин мезгилдик системасы көп жылдар бою хим. элементтердин касиеттерин байкоодон пайда болгон. Марксизм-ленинизмдин негиздөөчүлөрү коомго тиешелүү закондорду ачууда практика м-н теориянын айкалышына чоң көңүл бурган. К. Маркс «Капиталда» Англияда капитализмдин өсүшүн, өзгөрүүсүн байкап, изилдеп, анын негизги экон. законун ачкан. Социализм учурунда Б-нун чоң мааниси бар, анткени иш жүзүндө соц. коомдун артыкчылыктарын билгичтик м-н колдонуу элдин жыргалчылыгын жогорулатууга түрткү болот. Соц. ишканалардын ишин жакшыртуу үчүн 1966-ж. СССРде кабыл алынган чарб. реформа соц. өндүрүш мамилелерин терең байкоонун натыйжасында изилденип чыккан. Мектептеги окуунун жүрүшүндө байкоо методу чоң мааниге ээ. Б. аркылуу окуучулар теориялык билимдерди турмуш м-н тыгыз байланыштырууга мүмкүндүк алат. Мектептердеги байкоого аба ырайынын өзгөрүшү б-ча жүргүзүлгөн жумуштарды, физика, химия ж-а биология б-ча тажрыйба иштерин көрсөтүүгө болот. Б-нун күндөлүк турмушта ж-а чарбачылыкта да мааниси зор. Б-нун ил. иште, өзгөчө натуралисттер м-н саякатчылардын ишинде чоң мааниси бар.

БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ КОМИССИЯСЫ — эмгекчилер депутаттарынын аткаруу комитетинин алдында коомчулуктун өкүлдөрүнөн түзүлгөн орган. Б. ж. к-нын негизги милдети: камак орундарынын иш-аракетиндеги закондуулукту контролдоо, түзөтүү-эмгек мекемелери ж-дөгү жобонун орундалышын көзөмөлдөө, камактагыларды кайра тарбиялоого катышууга коомчулукту тартуу, колониялардан, түрмөлөрдөн чыккандарды ишке орноштуруу ж. б. Комиссиянын составы 7—11 адамдан түзүлүп, аларга сов., профсоюздук, комсомолдук ж. б. коомдук уюмдардын өкүлдөрү кирет. Пред-лдигине ал комиссияны түзгөн аткомдун мүчөсү дайындалат. Б. ж. к-нын чогулушуна прокурор да чакырылат. Кыргыз ССРинде комиссия өз ишин респ-канын Мин. Советинин 1961-ж. 13-ноябрдагы токтомунда бекитилген Жобого ылайык жүргүзөт.

БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ ПУНКТУ — согуш талаасына, душманга ж-а анын курал-жарактарына, о. эле алардын аскерлеринин аракеттерине ж-а куралдарды пайдалануууларына байкоо жүргүзүүчү атайын жабдылган ж-а байкалбас кылып жашырылган орун. Ал байкоо жүргүзүүгө зарыл аспаптар ж-а байкоону командалык пунктка кабарлап туруучу байланыш каражаттары м-н жабдылат. Б. ж. п-нун негизги, запастык, жасалма ж-а атайын (артилл., инж. ж. б.) түрлөрү болот.

БАЙЛАМТА — суу агынын жөндөөчү гидротех. курулуш. Ал жандама нуктарды бууп, негизги нуктагы сууну көбөйтүү үчүн колдонулат. Тоолуу жерде салынган Б. сайдын түбүн жеп кетүүдөн сактайт. Анын тамынына, капталдарына атайын таш төшөлүп, чым коюлат.

БАЙЛАМТАЛАР (а н а т о м и я д а) — муундардын баштыкчаларын бекитүүчү тыгыз бириктиргич ткандан турган тарамыштар. Пластинка түрүндөгү Б. муун баштыкчаларында, анын тегерегинде ж-а ичинде орун алат. Ал сөөктөрдүн кабына бекүүчү чоюлма же коллаген ткандуу тарамдардан турат. Адамда муундарды байланыштырчу 800гө жакын Б. бар. Алар муундарды ар кандай кыймылга келтирип турат. Аткарган милдеттери б-ча 3 топко бөлүнөт. Бир тобу муундарды бир багыттуу кыймылга келтирсе, экинчиси муундарды кыймылсыз кармап, үчүнчүсү алардын кыймылын азайтып, акырындап иштөөсүнө шарт түзөт.



Байламталар макаласына. Оң тизе мууну: *1* — каптал кичине жилик байламтасы; *2* — сырткы мениска; *3* — сандагы эки баштуу булчуңдун тарамышы; *4* — кичине жилинчиктин башындагы байламта; *5* — кичине жилинчиктин башы; *6* — шыйрактагы сөөк аралык жаргакча; *7* — сандагы төрт баштуу булчуңдун тарамышы; *8* — томуктун ашташуу бети; *9* — томуктагы өздүк тарамыш; *10* — каптал чоң жилинчик байламтасы; *11* — ички мениска; *12* — шыйрактагы туура байламта; *13* — тизе муунунун алдыңкы кайчылашкан байламтасы; *14* — арткы кайчылашкан байламта; *15* — сандын эки кызыл ашыгынын алдыңкы бети; томук м-н ашташуу бети.

БАЙЛАМТАЛАР — сүйлөмдөрдү же сүйлөм тизмегиндеги сөздөрдү өз ара тутумдаштыруучу кызматчы сөз. Б. түзүлүшү жагынан жөнөкөй (*а, ары, бирок* ж. б.) ж-а татаал (*ал эми, анткени менен* ж. б.); мааниси, аткарган милдети б-ча, багындырбас: байланыштыргыч (*ары, жана* ж. б.), каршылагыч (*а, бирок* ж. б.), божомолдогуч (*же, же болбосо* ж. б.) ж-а багындырма: себеп (*анткени, себеби* ж. б.), шарттуу (*эгер, эгерде*), салыштырма (*кандай, ошондой, канча, ошончо* ж. б.) болуп бөлүнөт.

БАЙЛАНЫШ — эл чарба тармагы. Ал материалдык өндүрүштүн бардык тармагын, мамлекетти башкаруу ж-а коргоо, о. эле калкты тейлөө жагынан ар түрдүү кабар берүүнү камсыз кылат. Бул үчүн негизинен Б. каражаты (почта, телефон, телеграф, радио, теле көрсөтүү) колдонулат. Байыркы убакта Б. көбүнчө оозеки түрдө, кабарчылар же шарттуу белгилер м-н ишке ашкан. Жазуунун чыгышы почта Б-ын пайда кылса, өндүргүч күчтөрдүн өсүшү м-н жаңы Б. каражаттары (пароход, паровоз ж. б.) чыгып, кабар жеткирүү ылдамдайт. 18-к-дын аягында оптикалык сигналдын ар кандай системасы пайда болот. 1832-ж. орус илимпозу П. Л. Шиллинг электр телеграфын, 1837-ж. амер. С. Морзе жөнөкөй электр-магниттүү телеграф аппаратын, 1876-ж. А. Г. Белл (АКШ) телефонду ойлоп чыгарат. Б-тагы эң чоң табылга А. С. *Попов* 1895-ж. ойлоп тапкан зымсыз, б. а. радио Б. болду. Кийинчерээк көп информацияны эң тез өткөрүүчү аппараттар ж-а Б. линиялары пайда болуп, механикалаштыруу м-н автоматташтыруу киргизиле баштайт. Бул тармактын өнүгүшүнө фототелеграфтын, радиорелелик Б-тын, теле көрсөтүүнүн өсүшү

чоң түрткү берди. Б-тын негизги 2 түрү бар: почта ж-а электр байланышы. *Электр байланышы* зымдуу ж-а радио Б-тан, теле көрсөтүүдөн турат. Азыр Б. комплекстүү механикалаштыруу м-н автоматташтыруусу, коп каналдуу электр байланыш системаларын, өндүрүмдүү аппараттарды киргизүү, транспорттун жаңы түрлөрүн, космос Б-ын колдонуу ж-а *видеотелефонду*, түстүү теле көрсөтүүнү кеңири жайылтуу жолдору м-н өнүгүүдө.

БАЙЛАНЫШ (*философияда*) — заттардын, кубулуштардын өз ара таасирлеринен ж-а катнашынан келип чыгып, объективдүү дүйнөнүн жалпы закон ченемдерин туюнтуучу түшүнүк. Аламдагы бардык заттар ж-а кубулуштар бири бири м-н байланышта болуп, биринде өзгөрүүлөр экинчисиндеги өзгөрүүлөрдү шарттайт, бул өз кезегинде андан кийинки өзгөрүүлөргө себеп болот. Субъективдүү идеализм Б-тын материалдуулугун танып, аны адамдын субъективдик аракети м-н аң-сезиминин натыйжасы десе, объективдүү идеализм адамдын аң-сезиминен тышкары экендигин баса көрсөтүп, аны же кудайдын же кудайга барабар күчтүн (идеянын) натыйжасы катары карайт. В. И. Ленин Б. түшүнүгүн закон, закон ченемдүүлүк, зарылдуулук, себептүүлүк түшүнүктөрү м-н тыгыз байланышта караган.

БАЙЛАНЫШ АБА ЛИНИЯСЫ — *арматуралардын (изоляторлор,* илмек ж. б.) жардамы м-н түркүктөргө асылып тартылган металл зымдары. Б. а. л. м-н *телефон, телеграф*, фототелеграф кабарлары, радио уктуруу программалары, теле башкаруу, теле өлчөө сигналдары берилет. Алыс аралыктагы шаарларга телефон-телеграф кабарларын берүүдө жез же биметалл зымдары пайдаланылып, 2 зымдан турган линия б-ча жог. жыштыктагы токту пайдаланып, бир убакытта 15—18 телефонду сүйлөштүрүүгө болот. Мында 150 *кгц* жыштыктагы диапазондо сигнал берилип, ар бир телефон каналы 3—4 *кгц* диапазондо иштейт. Түркүктөргө бекитилүүчү арматура катары изолятор, илмек, траверс ж. б. колдонулат. Изолятор фарфордон же айнектен жасалат.

БАЙЛАНЫШ АСКЕРЛЕРИ — армияны башкарууну ж-а бирикмелерди, бөлүктөрдү байланыштырып турууну камсыз кылуучу атайын аскер бөлүгү. Б. а. орус армиясында 19-к-дын орто ченинде электр телеграф чыккан мезгилде пайда болгон. 1919-ж. октябрда В. И. Ленindин көрсөтүүсү б-ча Сов. Армияга байланыш начальниги дайындалып, байланыш башкармасы түзүлгөн. Ошондон бери Б. а. өзүнчө атайын аскер бөлүгү болуп калды. 1919-ж. ноябрда электр-тех. жог. окуу жайы ачылып, кийин электр-тех. байланыш академиясы болду. Улуу Ата Мек. согушта Б. а-нин иштөө ыкмалары, методдору андан ары өнүгүп, көчмө байланыш түйүну, ультра кыска толкундуу жаңы радиостанциялар, тамга басуучу аппараттар түзүлдү. 600гө жакын Б. а. бөлүктөрү ордендер м-н сыйланды. Байланыштын 290 жоокери Сов. Союз. Баатыры деген наамга ээ болушту. Согуштан кийин Б. а-нин уюштуруу структурасы жакшыртылды ж-а жаңы байланыш техникалары м-н жабдылды.

БАЙЛАНЫШ КАБЕЛИ — ар түрдүү жыштыктагы ток м-н кабар берүүчү кабель. Б. к. аркылуу *телеграмма* ж-а фототелеграмма, телефон м-н сүйлөшүүлөр, теле кабарлар, статистикалык маалыматтар, телемех. системанын сигналдары берилет. Б. к. конструкциясы б-ча — симметриялуу ж-а коаксиал; берилүүчү жыштыктардын спектри б-ча — төмөнкү (10 *кгц* тен кичине) ж-а жогорку (10 *кгц* тен чоң) жыштыктагы; колдонулуу тармагына жараша — алыскы (шаар аралык) ж-а жергиликтүү; орнотулушуна ылайык жер астындагы, асма ж-а суу астындагы кабелдер болуп бөлүнөт. Кабелдин ток өткөрүүчү бөлүгү диаметри 0,3—1,6 *мм* жез зымынан жасалып, изоляцияланган зымдары экиден (бир тизмек) ж-а торттон (эки тизмек) чыйратылат. Симметриялуу Б. к-идеги түгөйлөш зымдын саны 1—3600гө (тажрыйбалык кабелде 4800гө), коаксиал Б. к-иде 2—20га чейин жетип, түгөйлөш ар бир кабель б-ча 3600гө чейин телефондук сүйлөшүү жүргүзүлөт.

БАЙЛАНЫШ КАНАЛЫ, берүү каналы — ар кандай кабарды бергичтен кабыл алгычка жеткирүүчү тех. түзүлүштөрү бар байланыш линиясы. Тех. түзүлүштөр (күчөткүч, код түзүүчү түзүлүш ж. б.) байланыш линиясынын ортоңку ж-а аякты пункттарына орнотулат. Кабар берүү линиясы катары асма ж-а *кабель* зымдары, радио, радиотеле ж-а толкун өткөргүчтөр пайдаланылат. Бергич, Б. к. ж-а кабыл алгыч биригип байланыш системасын түзөт. Б. к. телефон, үн сигналдарын берүү, теле көрсөтүү, фототелеграф, телеграф каналы болуп бөлүнөт. Телефон каналы үн жыштыгынын 300—3400 *гц* ке чейинки диапазондо иштеп, ар бир канал өзгөртүүчү түзүлүштөрдүн *(генератор ж-а модулятор)* жардамы м-н 12, 60, 300 каналдуу топторго бөлүнөт.

БАЙЛАНЫШ ЛИНИЯЛАРЫН КОРГОО — байланыш түзүлүштөрүн болок токтон сактоо үчүн жүргүзүлүүчү чаралардын комплекси. Байланыш линиясында башка жактан пайда болгон болок ток коркунучтуу ж-а байланышка жолтоо болуучу деп болунөт. Байланыш түзүлүштөрүнө коркунучтуу таасир тийгизе турган булактарга: а) чагылган; б) магнит талаасы; в) жогорку ж-а төмөнкү чыңалуудагы электр линиясы; г) электр тогу м-н жүрүүчү трансп. линиясы ж. б. кирет. Байланыштын көш линиялары бири бирине жолтоо болуучу да ар бир көш зым өзүнчө асылып, өткөрүү зымдарынын ортосуна экранда-ма *(экран)* орнотулат. Кабелдин ар бир көш зым өзүнчө экранга алын

дени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЙТАЛ — тайынан асыйына чейинки ургаачы жылкы. Жашына карата тай Б., кунан Б., бышты Б. деп айтылат. Асыл тукум Б. бышты кезинде *бонитировкадан* өткөрүлөт да, өзүнчө багылат.

БАЙ-ТЕЙИТ — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы Ак-Булак сельсоветине караштуу кыштак. «Кызыл-Кыя» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 70 *км* бат. тарапта, Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 15 *км*. Калкы 872 (1974). Сегиз жылдык мектеп, китепкана бар.

БАЙТЕМИРОВ Насирдин (1916-ж. т., Чүй р-ну, Кегети кыш.) — кыргыз совет жазуучусу, акын, драматург, Кыргыз ССР иск-восуна эмг. сиң. ишмери (1974). 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. Фрунзедеги зооветеринария (азыркы а. ч.) ин-тунда окуган. Москвада М. Горький атн. адабият ин-тун бүтүргөн (1955). Б. мугалим, «Кызыл Кыргызстан» газетасынын өз кабарчысы, Кырг-н ЖСтин адабий консультанты болуп иштеген. 1967-жылдан бери «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын атайын кабарчысы. Б. чыглык ишин 1934-ж. ыр жазуудан баштаган. Балдарга арналган «Жомоктор» (1939) деген китеби чыккан. «Азамат» (1948) повести, «Салтанат» (1949) романы, «Жаш жүрөктөр» (1953), «Жаш муундар» (1951) повести, «Бекем достук» (1952) аңгемелер жыйнагы жарыяланган. Ал — Кырг-ндагы социализмдин орношу, тап душмандарына каршы күрөш, колхоз курулушунун татаал процессин ж-а салтанат курулушун сүрөттөгөн «Акыркы ок» (1958), «Жылдызкан» (1959), «Тарых эстелиги» (1966) өңдүү окурмандарга кеңири белгилүү романдардын автору. Б. акыркы жылдары «Сопундар дүйнөсү» (1967), «Санта» (1971), «Турмуш элеги» (1972) романдарын жаратты. Б-дун бир катар поэтикалык ыр жыйнактары («Жүрөк күүсү», 1955; «Сүйгөнүм», 1957; «Долон», 1964; «Эриген таш», 1970 ж. б.) м-н «Күйөө», «Айып кимде», «Адамдын аты» деген пьесалары бар. «Жаш жүрөктөр», «Эненин жүрөгү» операларынын, «Аста секин колукту» муз. комедиясынын либреттолорун ж-а бир нече очерк, адабий сын макалалар жазган, СССР элдеринин айрым акындарынын поэтикалык чыг-ларын кыргыз тилине которгон. Анын бир катар чыг-лары орусчага которулган («В одном совхозе», М., 1951; «Стихи», М., 1957; «Последний патрон», Фр., 1958; «Серебряная волна», Фр., 1958; «Сам виноват», Фр., 1958; «Жылдызкан», Фр., 1958; «Бунтарка и колдун», М., 1971). Б. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Жомоктор, Фр., 1939; Салтанат, Фр., 1949; Жаш жүрөктөр, Фр., 1953; Жылдызкан, Фр., 1959; Тарых эстелиги, Фр., 1966; Долон, Фр., 1964; Стихи, М., 1957; Последний патрон, Фр., 1962; Бунтарка и колдун, М., 1971.

Ад.: Самаганов Ж., «Жаш жүрөктөр» жөнүндө баян, китепте: Советтик кыргыз адабияты, Фр., 1958; Маленов Б., «Жылдызкан» романынын ийгиликтери жана кемчиликтери, «Ала-Тоо», 1961, № 6; Иманалиев К., Образ түзүүдө Н. Байтемировдун кээ бир өзгөчөлүгү, «Ала-Тоо», 1963, № 1; Асаналиев К., Кыргыз романы, көркөмдүк критерийлер, «Ала-Тоо», 1973, № 3; Даронян С., В разных жанрах, «Литературная газета», 1958, 16 окт.

БАЙТЕРЕК, к. *Терек*.

БАЙТЕШЕ — жыгач уста шаймапы. Чот түспөлдүү, жазы миздүү келип, жыгач сап ашталат. Б. жыгач устачылык ишинде жумуру, жоон жыгачтардын бетин түздөп чабууда кеңири колдонулат.

БАЙТИК ӨРӨӨНҮ Кыргыз Ала-Тоосу м-н Байтиктин Бас-Бөлтөгүнүн ортосунан орун алган. Аянты 170—180 $км^2$. Уз. 20 *км*, туурасы 8—12 *км*. Орт. бийикт. 1100—1300 *м*. Жеринин бети түз, батышты карай өрөөн бир аз бийиктеп адырларга өтөт. Өрөөн негизинен шилендп тоо тектеринен турат, чет жакаларында неогендик кум-чополуу тоо тектер чыгып жатат. Климаты мелүүн континенттик; январдын орт. темп-расы — 5°С, —10°С, июндуку 10—18°С. Жылдык жаан-чачыны 350—550 *мм*. Өрөөндөн *Ала-Арча* суусу агат. Жер астындагы суулары Фрунзе ш-нын камсыз кылат. Жери боз, күрөң топурактуу. Маданий (буудай, картошка, момо-жемиш бактары) ж-а талаа өсүмдүктөрү өсөт. Б. ө-ндө Воронцовка, Стрельникова атн., Орто-Алыш, Кашка-Суу, Арчалы кыштактары жайгашкан. Воронцовка кыштагында эс алуу үйү ж-а балдарды учук оруудан дарылоочу санаторий бар. Өрөөн м-н Фрунзе ш-нан Ала-Арча туристтик базасына баруучу автомоб. жолу өтөт.

БАЙТИКТИН БАС-БӨЛТӨГҮ — Кыргыз Ала-Тоосунан Байтик өрөөнү аркылуу бөлүнүп турган дөңсөөлүү адыр. Фрунзе ш-нан 6 *км* түш. тарапта. Уз. 10 *км*, туурасы 4—6 *км*, орт. бийикт. 1200—1400 *м*. Негизинен неогендин кум-чополуу ж-а плейстоцендин шилендп тоо тектеринен турат. Дөңсөө чыг. тарабынан Ала-Арча өрөөнү м-н чектешет. Ортоңку бөлүгү бийиктеп, бат. ж-а түн. тарабы тепкич-тепкич болуп басаңдайт. Дөңсөөнүн үстү жайык, кыртыштуу, түндүгүнөн майда тектон. жарака өтөт. Негизинен кургак талаа ландшафты басымдуулук кылат. Түн. капталында тулаңдуу чөп, түштүгүндө бетеге, шыбак, коктуларында сейрек майда бадалдар өсөт. Бат. этектеринде жемиш багы, түн.-чыг. капталдарында бак-дарак өстүрүлөт.

БАЙ-ТОБУ — Ош обл-нын Араван р-нундагы Чек-Абад сельсоветине караштуу кыштак. Ош—Маркамат шоссе жолунун түндүгүндө, Түш. Фергана каналынын чыг. тарабында, Жданов атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Аравандан 11 *км* бат. тарапта. Ош т. ж. станциясынан 33 *км*. Калкы 691 (1974). Мектеп, 2 китепкана, медпункт бар.



Н. Байтурсунов.

БАЙТУРСУНОВ Насир (17.11.1915-ж. т., Нарын обл., Жумгал р-ну, Кокөмерен кыш.) — Даңк орденинин толук кавалери, 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. 1943-ж. Сов. Армияга чакырылган. Ошол эле жылы 1- ж-а 2-Белорусс. фронтторунда болот. Друть ж-а Березина д-ларын кечип өтүүдөгү эрдиги үчүн 3-дараж. Даңк ордени м-н (27.7.1944), Висла д-дагы душмандын коргонуусун бузуп өтүүдө 7 пулемёт точкасын кыйратып, полкко жол ачкан үчүн 2-дараж. (14. 4. 1945) ж-а Швепов кыштагын бошотуудагы баатырдыгы үчүн 1-дараж. (31. 5. 1945) Даңк ордендерине татыктуу болгон. Б. Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЙТҮП, к. *Фундамент*.

БАЙЧЕЧЕКЕЙ (Ranunculus) — байчечекейлер тукумундагы өсүмдүк уруусу. Көп, кээде бир жылдык, чачы тамырлуу же тамыр сабактуу өсүмдүк. Жалбырагы сабакка кезектешип жайгашат. Гүлдөрү бирден же топ гүлгө чогулган. Момосу — жаңгакча.



Байчечекей: *1* — уулуу байчечекей, *2* — топ гүлү, *3* — гүлү, *4* — гүл төшөгү момосу м-н.

Уругу ж-а вегетативдик жол м-н көбөйөт. Жер шарында 600гө жакын, СССРде 160, Кырг-нда 37 түрү өсөт. Ал өрөөндөн тартып альпы алкагына чейинки өсүмдүктүүлүктүн ар кандай типтеринде кездешет. Б-дин ичинен Уулуу Б. R. sceleratus өтө уулуу. Уулуу Б. дары-дармек даярдоого пайдаланылат.

БАЙЧЕЧЕКЕЙЛЕР (Ranunculaceae) — эки үлүштүүлөр классынын айрым желекчелүүлөр классчасындагы өсүмдүк тукуму. Б-дин бир же көп жыл-

дык чөп, кээде бадал, жарым бадал, лиана болуп өскөндөрү бар. Жалбырактары татаал же жөнөкөй. Гүлдөрү эки жыныстуу, желекчелери түркүн түстүү. Момосу — урукча. Жер жүзүндө 1500гө жакын, СССРде 500, Кырг-нда 110дон көбүрөөк түрү өсөт. Б-дин бардык түрлөрүндө аздыр-көп түр уу заттар (алкалоиддер, глюкозиддер) бар.

БАЙЫРКЫ ГЕРМАНДАР — индоевроп. тилдерде сүйлөгөн ири уруулар тобу; б. з. ч. 1-к. чейде Рейн м-н Висланын, Дунай м-н Балтика, Түн. деңиздин ж-а Түш. Скандинавиянын аралыгын мекендеген. Б. з. ч. 1-к-да Б. г. отурукташууга өтүп, уруулук община болуп жашап, жерди менчиктебестен, чогуу иштешкен. Б. з. 1-к-нын аягында аларда социалдык жиктелүү башталган. Урук союздары түзүлүп, айрымдарында король бийлиги болгон. Король бийлигин эл чогулушу м-н ак сакалдар совети чектеп алган. 2—3-к. өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү уруучулук түзүлүштүн акырындап бузулушуна алып келген. Эл чогулушунун мааниси төмөндөп, мамл. бийликтин белгилери пайда болгон. Бул процессти Б. г-дын Рим империясы м-н болгон тыгыз байланышы да тездеткен. Ал Бат. Европанын бир катар өлкөлөрүндө феодализмдин өнүгүшү үчүн маанилүү роль ойногон. Герман уруулары азыркы кездеги бат. европ. элдердин (немец, швед, даниялыктардын ж. б.) калыптанышына негиз болгон. Европанын көп эли *герман тилдеринде* сүйлөгөн. Б. з. 1-к-да эле Б. г-дын өз жазуусу болгон.

БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ — Байыркы Чыгыш, Греция ж-а Римдеги алгачкы таптык коом мезгилинин историографиясында кабыл алынган шарттуу туюнтмасы.

БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ — б. з. 8—9-к-нын аралыгына чейин эле түзүлгөн деген болжол бар (Юнусалиев Б. М., Киргизский язык; в кн.: Языки народов СССР, т. 2., с. 482—505). Ал учурда *ай, эй, ой, өй; ағ, оғ, өғ; аң, эң, оң, өң* сыяктуу тыбыштык айкалыштар сөз ичинде, сөз аягында созулма үндүүлөргө өтө баштаган деп эсептелинет. Фонет. мындай кубулуш Түш. Сибирдеги алтай кижи, хакас, тува тилдери м-н болгон жалпылыктын негизинде чыккан сыяктуу. Маселен, *аа:* кыргызча — *жаа, жаак, саа;* хакасча — *чаа, наах, саа;* тувача — *чаа, чаак, саа;* алтайча — *дьаа, дьаак, саан (жайа, жаңак, сага);* 2) *оо:* кыргызча — *бооз;* алтайча, тувача — *боос;* хакасча — *поос, богос;* 3) *өө:* кыргызча, алтайча, тувача, хакасча — *сөөк (сөнөк); сөөл (сөгөл);* 4) *ээ:* кыргызча, алтайча, тувача — *бээ (бөйө), ээ (эге)* ж. б. Ал мезгилде сөздөр монгол тилинен көбүрөөк кирген. Мис., кыргызча, алтайча, тувача, хакасча — *белен, сонурка, сонун (солун)* деген сөздөр казак, уйгур, өзбек тилдерине мүнөздүү эмес.

Ад.: Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери, Фр., 1965; Юнусалиев Б. М., Проблемы формирования общенародного киргизского языка, «Вопросы языкознания», 1955, № 2; и Киргизский язык, в кн.: Языки народов СССР, т. 2 М., 1966.

БАЙЫРКЫ РИМДЕГИ ЛАТИФУНДИЯ, к. *Латифундизм*.

БАЙЫРКЫ СЛАВЯНДАР — чоң уруулун тобу, индоевроп. уяга кирген борб., түш. ж-а чыг. европ. азыркы славян элдеринин ата-бабалары. Б. с., тарыхый даректерге караганда, б. з. 1—2-к-да «европалык Сарматия», Карпат м-н Балтика деңизинин аралыгында, Чыг. Германияда жашаган венеддер деген ат м-н белгилүү болгон. 1-к-дын аягында венеддер Тациттерге белгилүү болуп, алар Висла д-нын чыгышындагы бастарлар м-н феннамдардын аралыгында жайгашкан. Б. з-дын 2—4-к. герман урууларынын (готтор, гепиддер) түштүккө оошунан Б. с-дын терр-ялык бүтүндүгү бузулуп, Бат. ж-а Чыг. тарапка обочолонот. 5-к-да *гунндардын* бийлиги кулагандан кийин, Б. с. түштүккө оошот. Алар ант ж-а склавин деген 2 топко бөлүнөт. 6—7-к-гы Б. с. тууралуу жазма даректер СССР, Польша, Румыния, Чехословакия ж. б. өлкөлөрдүн терр-яларынан табылган. Б. з. 1000-жылдын аягында уруучулук түзүлүштүн кулашы ж-а Байыркы Славян мамлекетинин пайда болушу м-н о. кылымдагы славян элинин түзүлүшү башталды.

Ад.: Третьяков П. Н., Финно-угры, балты и славяне на Днепре и Волге, М.—Л. 1966; Славяне накануне образования Киевской Руси, М., 1963 (МИА, № 108).

БАЙЫРКЫ ТҮРК ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ — түрк уруулары м-н элдерине тиешелүү жазма эстеликтер. Алар негизинен 6—13-к-дан мурасталып калган (кээ бир ил. ад-ттарда 14-к-дагы жазмалар да ушул эстеликтердин эсебине киргизилип жүрөт). Б. т. ж. э. байыркы орхон-енисей (рун), байыркы уйгур, араб жазмачиймесинде жазылган. Алардын эң байыркылары — Орхон ж-а Енисей д-ларынын боюнан табылган, 7—9-к-га тиешелүү ташка чегилген байыркы түрк жазма эстеликтери. Эң ирилери:



1

Сүр. 1. Күлтегинге арналган эстеликтин жазуусунан фрагмент.

Күл-Тегиндин, Могиляндын (Билгө Кагандын), Тоңукуктун, Моюн-чур м-н Кули-чурдун эстеликтери ж-а Онгин эстелиги. Б. т. ж. э-не ушул эле алфавит м-н жазылган Талас таякчасынын жазуусу, андан башка жүзгө жакын майда эстеликтеги (ташка, карапага, жыгачка ж. б. жазылган) жазуулар, араб алфавити м-н жазылган 11-к-га тиешелүү *Махмуд Кашгаринин* белгилүү *«Дивани луғат-ит-түрк»* аттуу сөздүгү, ошол эле 11-к-га тиешелүү Жусуп Хас Жажиб Баласагуннин «Кутадгу билиг», Ахмед Югнекинин «Атабету-аль-хакайик» деген поэмалары ж-а уйгур алфавити м-н жазылган диний мазмундагы чы-



2

Сүр. 2. Ташка түшүрүлгөн байыркы түрк жазуусу (Талас өрөөнү).

гарма да кирет. О. эле христиан, манихей, будда диндериндеги башка чыглар ар түрдүү чарбалык ж-а алым-берим катнаштарды күбөлөгөн укук документтери да бар. Байыркы түрк тилинде манихей, брахми, согда, тибет, кытай тамгалары м-н диний мазмундагы майда эстеликтер да жазылган. Бул эстеликтер жазылган жазуу системалары сүрөтү, тилдик өзгөчөлүктөрү б-ча бири биринен да, азыркы кездеги түрк тилдеринен да орчундуу айырмаланат, бирок тектеш тилдердин тарыхый өсүш-өзгөрүш процесстерине байкоо жүргүзүүгө, ошол доорлордун коомдук-саясий, маданий-укук, үрп-адаттарын, ал кездеги түрк урууларынын өз ара карым-катнаш, духовный ж-а диний ишенимдерин изилдөөгө жардам берүүчү ил. булактар катары жогору бааланат.

Ад.: Малов С. Е., Памятники древнетюркской письменности, М.—Л., 1951; его же, Енисейская письменность тюрков, М.—Л. 1952; Батманов И. А., Язык енисейских памятников древнетюркской письменности, Фр., 1959.

БАЙЫРКЫ ТҮРК ТИЛДЕРИ — Азиядагы байыркы түрк урууларынын (элдеринин) тили. Буга эң оболу орхон-енисей жазма эстеликтери деп аталган жазуулардын тили кирет. Бул тилдердин бир өзгөчөлүгү — сөз ортосунда ж-а сөз аягында р ~ т //д ~ с// з ~ й тыбыштык туура келүү закону үстөмдүк кылат. Мис., эстеликтердин тилиндеги *адак* азыркы түрк тилдериндеги *азак* //*айак* деген сөздөргө туура келет; табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү-ыг //иг: *kiciз* — кишини, ашыгашты; барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү көбүнчө катталаң: *Jirkз* — «жерге»; *капуғка* — «капкага»; барыш жөндөмөсүнө-гару //-гэрү мүчөсү мүнөздүү; *јирғэрү* — «жерге»; атоочтук *-тәчи* //*-тачы* мүчөлөрү м-н жасалган: *өлтэчи* — өлүп жаткан; чакчыл этиштер-*пан*// *пэн* мүчөлөрү м-н жасалган: *олырыпан* — отуруп; өткөн чактын экинчи жагынын жекелик ж-а көптүк түрлө-

рү — *тыг-тиг* мүчөлөрү м-н жасалган: јаңылтыг — жаңылдың же жаңылдыңар; тыбыштык системасына *э<и*, *ш>с* өтүштөрү мүнөздүү: *йер* эмес, *йир*, *эшит* эмес, *эсид*. Бул тилдерге 5—9-к-га тиешелүү байыркы уйгур эстеликтери, 10—13-к-дагы манихей-уйгур, будда-уйгур ж-а караханилер доорууна тиешелүү араб тамгасындагы уйгур-мусулман жазма эстеликтери да кирет. Алардын тили бири биринен айырмалуу.

Кийинки доорлорго (9—13-к.) тиешелүү байыркы уйгур эстеликтери тил өзгөчөлүгү жагынан байыркы орхон-енисей мезгилиндегиден айырмаланып, обочолоно баштаган. Мис., сөз башындагы мурдагы «б» ж-а «д», «м» ж-а «т» м-н алмашкан: *бен* эмес, *мен*; *деве* эмес, *тебе*; мурдагы *-ан* дын ордуна *-ган* колдонулган: *тамак* эмес, *тамгак*; каалоо-ниет ыңгайдын *-асы* мүчөсүнүн ордуна *-гу* мүчөсү колдонулган: *турасы* эмес, *турагу*; сөз аягында «й» дын ордуна «н» келген: *кой* эмес, *кон*; *кайда* эмес *канда*; *д//й* дын ордуна «з» түшкөн: *адак* // *айак* эмес, *азак* ж. б. Лексика-граммат. өзгөчөлүктөр Б. т. т-ни бири биринен да, азыркы түрк тилдеринен айырмалайт. Алардын азыркы түрк тилдеринин айырмадарына окшош ж-а жакындык белгилери да бир кылка эмес.

Ад.: Баскаков Н. А., Введение в изучение тюркских языков, 2 изд., М., 1969; Тюркологические исследования. Сборник статей, посвященный 80-летию акад. К. К. Юдахина, Фр., 1970.

БАЙЫРКЫ УЙГУР ЖАЗУУСУ — байыркы орхон-енисей жазуусунун негизинде түзүлгөн ташка чегип жазууга ылайыктуу рун жазуу. (Буга далил катары Селенга д-нын боюнан табылган байыркы эстеликти көрсөтүүгө болот). Б. у. ж. арамей жазуусунун негизинде өнүккөн согда жазуу системасын өздөштүрүү аркылуу түзүлгөн.



Байыркы уйгур жазуусунан фрагмент.

Жазуу жогортон төмөн карай жазылган. Б. у. ж-да манихей ж-а будда диний ад-ттардын котормолору, чарбалык, укук документтеринин үлгүлөрү сакталып калган. Бул жазуу системасы байыркы уйгурлардан моңголдорго оошкон; аны азыр да манжурлар колдонушат. Б. з. 10—14-к-нан тартып уйгурлар араб жазуусуна өтүшкөн.

Ад.: Малов С. Е., Памятники древнетюркской письменности, М.—Л., 1951; Насилов В. М., Древнеуйгурский язык, М., 1963; Древнетюркский словарь, М.—Л., 1969.

БАЙЫРКЫ УЙГУР ТИЛИ — орхон түрктөрүнүн, б. а. байыркы огуздардын тилине жакын тил; байыркы жазуу эстеликтери бар жазма тилдердин бири. Бул тилде орхон тамгасы м-н ташка чегилген (Селенганын боюнан табылган) байыркы эстелик, 5—8-к-дагы байыркы уйгур тамгасы м-н жазылган манихей-уйгур, будда-уйгур сыяктуу диний маанидеги чыг-лардын котормолору (манускрипти), 10—15-к-дагы араб тамгасы м-н жазылган мусулман-уйгур эстеликтери бар. Б. у. т-нин фонет. түзүлүшү үчүн *и-е*, *д-т*, ж-а *с-ш* тыбыштарынын сөз ичинде алмашуулары мүнөздүү. Анда катар муундардын чегинде *лт*, *рт*, *нт* тыбыш айкаштары келет (*болтумуз — болдук*, *билтимиз — билдик*). Б. у. т-нин граммат. түзүлүшүндө атоочтуктун байыркы-*ма* (*йор-ыг-ма-бараткан*), тапгыч формасы (-матын, -метин, -мэтин: *билмэтин* — билбестен) учурайт. Лексикасында байыркы иран тилинин элементтери бар.

Ад.: Малов С. Е., Памятники древнетюркской письменности, М.—Л., 1951; Баскаков Н. А., Тюркские языки, М., 1960; Насилов В. М., Древнеуйгурский язык, М., 1963; Древнетюркский словарь, М.—Л., 1969.

БАПЫРЛАНУУ, к. *Адаптация*.

БАПЫТУУ — туут жакындаганда саанды токтотуу. Тубар мал, негизинен саан уй түрүнө, породасына, жашына, организминин физиол. өзгөчөлүктөрүнө жараша саалбай калат. Жакшы тол, көп сүт алуу үчүн малды өз убагында Б. зарыл. Анткени байыган малдын организми туутка чейин чыңалып, тууту жеңил өтөт. Кунарсыз малдын сүтү эрте тартылат. Саан уй сүттүүлүгүнө, эттүүлүгүнө ж-а жашына жараша туурунa 45—60 күн калганда байытылат.

БАК, к. *Мөмө багы*.

БАК ТИГҮҮ — бак-дарак көбөйтүүнүн негизги ыкмасы. Бактын өсүп-өнүгүшү м-н түшүмдүүлүгү көчөттү туура тигүүгө байланыштуу. Б. т. эрежеси бузулса, көчөт куурап калат. Көбүнчө бир ж-а эки жылдык көчөт тигилет. Ал көчөт керектүү узундукта, жоон, бутактуу (4—6 негизги бутак) ж-а тамыр системасы күчтүү болушу зарыл. Тигилүүчү жер терең айдалып, семиз болуу керек. Кырг-нда Б. т. негизинен жазында, күзүндө жүргүзүлөт. Жазында отургузулуучу мөмө-жемиш багы үчүн чөнөктөр күзүндө, күздүгүнүкү тигүүгө 20—30 күн калганда казылат.

БАКА ЖАЛБЫРАК (Plantago) — бака жалбырактар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бир же көп жылдык чөп. Жалбырактары жөнөкөй, көпчүлүк учурда гүл огунун негизиндеги розеткага топтолгон, кээде сабагы жалбырактуу. Гүлдөрү майда, көрксүз, топ гүлү — машак, сабагынын учуна жайгашкан. Мөмөсү — кутуча. Жер жүзүндө 260ка жакын, СССРде 27, Кырг-нда 10 түрү белгилүү. Б. ж-тын түрлөрү өрөөндөн тартып, альпы алкагына чейин арыктын жээктеринде, эски аңызда, жолдун бойлорунда, тоо этектеринде, жайытта, чөлдө өсөт. Элдик медицинада 3 түрү колдонулат. Чоң Б. ж. жер бетинде эң кеңири тараган түр. Жалбырактары жумуртка формалуу, дого сымал тарамыштуу. Ширеси — аш-казан оорусуна, ич өткөккө дары. Ортончу Б. ж-тын жалбырактары кичирээк. Кырг-нда Кочкор өрөөнүндө өсөт. Индия Б. ж-ы бир жылдык, сабагынын бийикт. 5—56 *см*. Жалбырагы ичке, көбүнчө колдо гана өстүрүлөт, жапайы түрү Кетмен-Төбөдө кездешет.

БАКАЙЫР — Киров р-нундагы Кара-Сай сельсоветине караштуу кыштак. «Бакайыр» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кировдон 37 *км* түш.-бат. тарапта. Маймак т. ж. станциясынан 30 *км*. Калкы 1730 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БАКАЙЫР СУУСУ — Талас суусунун сол куймасы. Уз. 43 *км*. Алабынын аянты 196 $км^2$. Талас кырка тоосунун түш. капталынан башталат. Талас суусуна жетпей Ак-Чий кыштагынын аймагында соолот. Жог. агымында кууш капчыгайлуу, шар агат. Төмөнкү агымында нугу кеңейип, тайыздайт. Жалпы уз. 33 *км* келген 13 (Куру-Бакайыр, Суулуу-Бакайыр ж. б.) чакан куймалары бар. Май айында кире баштайт, эң көп чыгымы (июнь — сент.) 1,19—2,03 $м^3/сек$, эң азы (дек.) 0,20 $м^3/сек$ га жетет. Жылдык орт. чыгымы 0,70—0,80 $м^3/сек$. Ал кар, мөңгү ж-а булактардан куралат. Жээгинде Бакайыр кыштагы жайгашкан.

БАКАЛАР (Ranidae) — жерде-сууда жашоочулардын куйруксуздар түркүмүндөгү тукуму. Б. Түш. Америка, Түш. Австралия ж-а Жаңы Зеландиядан башка бардык жерде кеңири таралган. Б. 6 тукумчага бөлүнөт. Кадимки Б. тукумчасына 7 уруу кирет. Кеңири таралган Rana тукумчасынын 200 гө жакын түрү белгилүү. Алардын тилинин бош учунда оюгу ж-а арткы бутунда сүзгүч жаргакчалары болот. Б-дын арасында кургакта ж-а сууда жашагандары да бар. Эң чоң түрлөрү — огүз бака ж-а голиаф бакасы. Өгүз бакасынын денесинин уз. 20 *см* ге чейин, салм. 600 *г* га жакын. Сырткы түсү саргыч күрөң, жонунда көчкүл күрөң тактары бар. Майда балык, бака ж-а омурткасыздар м-н азыктанат. Көпөк башы 2 жылда өөрчүп жетилет. Кээ бир өлкөдө чоң Б. тамак катары пайдаланылат. СССРде Rana уруусунун 11, анын ичинен Кырг-нда 2, курбакалардын 1 түрү кездешет.

БАКАН, ача бакан, түндүк бакан — үй тирчилигинде, айрыкча боз үйдү тигүүдө колдонулуучу жоондугу билектей, узундугу 3—5 *м* келген бир учу ачакей, экинчи учу мукур учталган жыгач. Б. көбүнчө узун, түз өскөн четин, арча, балаты ж. б-дан жасалат. Б. боз үйдүн түндүгүн көтөрүүгө, үзүктү, түндүк жабууну, эшик

чийди салууга, эшик боону түндүктөн өткөрүүгө, жаанда от жакканда түндүк жабуунун бир бурчун тирөөгө, кар жааганда ичинен түрткүлөп боз үйдүн үстүндөгү карды түшүрүүгө, шамалда бел баканды туура коюп ууктарды тирөөгө, кийиз жасаганда, чийдин сыртына кошо таңып коюуга, чий согууга, өрмөк курууга ж. б. жумуштарга колдонулат. Илгери ич ара болгон жоокерчиликте Б-ды учтай сабын же учуна курч темир бекитип коюп, найза катарында пайдаланышкан.

БАКБО, Тонкин булуңу — Түш. Кытай деңизиндеги булуң, Кытай ж-а Вьетнам жээгинде. Аны деңизден Лэйчжоу ж. а-ы ж-а Хайнань а-ы бөлүп, кургактыкка 330 *км* кирип турат. Булуңдун кире бериш жеринин туурасы 241 *км*, тереңд. 40—82 *м*. Түш. бөлүгү (Хайнань а. м-н материк ортосунда) Хайнань кысыгы аркылуу деңиз м-н туташат. Ташкындоо учурунда суу 5—9 *м* ге чейин көтөрүлөт. Порту — Хайфон (ВДР).

БАКЕЛИТ [ойлоп чыгаруучу бельг.— амер. химик Л. Бакеланддын (1863—1944) ысымынан] — жегич катализатор аралаштырылып, формальдегиддин фенол м-н кошулушунан алынган чайырдын эскирген тех. аты, к. *Фенол-альдегид чайыры*.

БАКИН Евгений Иванович (1910-ж. т.) — сов. физиолог, мед. илимд. доктору (1949), проф. (1951). Саратов ун-тинин мед. ф-тетин бүтүргөн (1927). Кыргыз ССРинин Жумгалдагы врачтык участогунун башчысы (1927—31). Ленинграддагы 1-мед. ин-тунун нормалдуу физиол. кафедрасынын аспиранты (1931—34), андагы борб. рентген радиология ин-тунун ил. кызматкери (1934—42), ст. илимий кызматкери (1942—53). КММИнин нормалдуу физиол. кафедрасынын башчысы (1953—74). Саламаттык сактоонун отличниги (1950), Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1961). Б. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

Чыг.: К классификации процессов возбуждения и торможения, в кн.: Материалы третьей конференции физиологов Средней Азии и Казахстана, Душ., 1966; Структура функции живой системы, Фр., 1971.

«БАКИНСКИЙ РАБОЧИЙ» — большевиктик алгачкы газеталардын бири, Азерб. КП БКнын, Азерб. ССР Жог. Совети м-н Мин. Советинин органы. 1906-ж. негизделип, ошол жылдын апрелинен жашырын чыга баштаган. Ред. составына В. П. Ногин, В. А. Радус-Зенькович ж. б. кирген. 1908-жылдын сент.-окт. айларында газетанын акыркы 18-номери жарыкка чыккан. Газетаны С. Т. Якушев редакторлогон. 1917-ж. 22-апрелде (5-май) газета кайрадан чыга баштап, мусаватчыларды, дашнактарды, эсерлер м-н меньшевиктерди ашкерелеген, массаны большевиктердин айланасына топтоштурган. 1918-жылдан тартып газетанын башкы редактору А. Амирян ж-а С. Г. Шаумян болгон. Бакуда Совет бийлигинин убактылуу кулагандыгына байланыштуу газетанын чыгышы токтотулуп, 1920-жылдын 7-ноябрынан баштап газета кайра чыга баштаган. 1946-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

БАКИРОВ Апас (1935-ж. т.) — сов. геолог, геол.-минералогия илимд. доктору (1974). Фрунзе политех. ин-тунун тоо-геол. ф-тетин бүтүргөн (1957). Кыргыз ССР ИАнын Геол. ин-тунун кенже (1957), ст. (1969) илимий кызматкери. Б-дун эмгектери Тянь-Шандын геол. түзүлүшүнө, тоо тек катмарларынын стратиграфиясына, пайда болуу шартына, тектон. структуралардын өнүгүшүнө, динамикасына арналган. О. Азиянын чыг. бөлүгүндөгү метаморфизмге дуушар болгон тоо тектердин петрологиясын изилдеп, метаморфизм учурунда болуп өткөн физ.-хим. кубулуштарды аныктап, метаморфизм фацияларынын картасын түзгөн. Тянь-Шань материалдарынын негизинде геологиянын чечиле элек теориялык маселелеринин бири — метаморфизм м-н тектониканын байланышын аныктаган. Ал тоо тектердин метаморфизмделиши м-н байланышкан кен байлыктар б-ча да изилдөө жумуштарын жүргүзүүдө.

Чыг.: Типы метаморфических комплексов Средней Азии, в кн.: Метаморфические пояса СССР, Л., 1971; Карта метаморфических фаций восточной части Средней Азии масштаба: 1:1 500 000, М., 1971 (совм. с Н. Л. Добрецовым); Метаморфические комплексы восточной части Средней Азии, Фр., 1972 (совм. с Н. Л. Добрецовым).

БАКЛАЖАН, бадриджан (Solanum melongena) — ит жүзүмдөр тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. Сабагы катуу, бийикт. 1 *м* ден ашат.



Баклажан: *1* — жалпы көрүнүшү; *2* — гүлү; *3* — мөмөсү.

Мөмөсү алмурут сымал жумуру, салм. 0,4—1 *кг*. Б. жылуу, нымдуу жерде жакшы өсөт. Жапайы түрү Түш.-Чыг. Азияда кездешет. Тропиктик, субтропиктик алкактарда айдалат. Бат. Закавказьеде, РСФСР м-н Украинанын түштүгүндө, Молдавияда, О. Азияда өстүрүлөт. Составында: 7,1—11% кургак заттар, 2,72—4% кант, 0,6—1,4% белок, 0,1—0,4% май бар. Ал тамак-ашка керектелет; консерва ө. ж. үчүн баалуу жашылча. Гектарынан 15—30 *т* түшүм берет. Негизги сорттору: деликатес — 163, Дон — 14, Симферополь — 105. Зыянкечтери: талаа капталасы, ийин чегиртке ж. б. Илдеттери: кургак чирик, солуу, фитофтора ж. б.

БАКМА ААРЫ (Apismelibera) — жаргак канаттуулар тукумуна кирүүчү, уюк-уюк болуп жашоочу аарынын түрү. Ар уюкта бирден эне аары ж-а 40—60 миң (кышында 10—15 миң) ишчи аары болот. Аарылар эне, эркек — «жатып ичер» ж-а ишчи болуп бөлүнөт. Бал жыйноо, уюкту таза сактоо, тоюттандыруу жумушун ишчи аарылар аткарат. Б. а. түрдүү гүл ширесин жыйнап, аны жемсөөсүндө балга айландырат да, уюктагы мом чөнөктөргө төгөт. Ар уюк кыш бою 20—25 *кг* бал керектейт.



Аары уюгу: *1* — эне аары; *2* — эркек аары; *3* — ишчи аары.

Аары Кырг-нда эгилме ж-а жапан өсүмдүктүн 200дөй түрүнөн (эспарцет, беде, акация, тал, кара жыгач, өрүк, кара өрүк, алма, фацелия, алмурут, күн карама, пахта, четин ж. б.) бал жыйнайт. Ар уюктан бир сезондо 30—50 *кг* бал, 1 *кг* мом ж-а 1 жаш уюк болуп алууга болот. Чүй өрөөнү м-н Ош обл-да эрте жазда бал челектер бак ичине жайгаштырылат, кийин жайытка же өрөөндөгү эспарцет ж-а пахта талааларына жакын которулат. Кырг-ндын түндүгүндө жазында бал челек бакка коюлат, ан- жайында эспарцет талааларына, андан кийин тоо жайыттарына көчүрүлөт. Респ-канын шартында тоочул боз кавказ аарысын көбөйтүү ылайыктуу. Аарынын илдеттери: *нозематоз*, *аспергиллез* ж. б.

БАКМА КАНАТТУУЛАР ФАБРИКАСЫ — эт ж-а жумуртка өндүрүүчү мамл. ишкана. Алгачкы Б. к. ф. 1931—32-ж. Москванын жанында курулган. Ал ири ө. ж-луу шаарга жакын жайгаштырылат да, калкты эт ж-а жумуртка м-н камсыз кылат. Мында бакма канаттуулар тордо багылат, алардан жумуртка жыл бою алынат. Бул — чарба жүргүзүүнүн интенсивдүү системасы. Анын цехтеринде ыңгайлуу темп-ра сакталып, желдетүү, электр жарыгы колдонулат. Бакма канаттууларды асылдандыруудан

алардын продуктуулугу жакшырууда. Аларга дан, минералдуу ж-а витаминдүү тоют берилет. Өндүрүштүк процесстер (тоют даярдоо, тоюттандыруу, жумуртка сорттоо ж. б.) механикалаштырылган.

БАКМА КАНАТТУУЛАР ФЕРМАСЫ —үй куштарын: тоок, каз, күрп, ördөк багуучу ферма. Мындай фермалар колхоз, совхоздо уюштурулат. Ири Б. к. ф. Краснодар, Ставрополь крайларында ж-а Ростов обл-нын к-здорунда, Кырг-ндын айрым чарбаларында бар. Ал ферма үй куштарынын жаңы породасын чыгарууга катышып, анын продуктулуулугун арттырып, инкубация станциясын жумуртка м-н камсыз кылат, к. *Бакма канаттуулар чарбасы.*

БАКМА КАНАТТУУЛАР ЧАРБАСЫ— мал чарба тармагы. Бакма канаттуулар жумуртка, эт, мамык, чалгын ж. б. алуу үчүн өстүрөлөт. Кыгы жер семиртkич болот. Тоок ж-а күрп этинде 20% протеин, 15—22% май, 1% минералдуу заттар; бордолгон ördөк м-н каздын этинде 30%тен ашуун май бар. Тооктун жумурткасында 5 *г* дан ашык май, 7,5 *г* протеин, минералдуу заттар, А, Д, Е, К ж. б. витаминдер болот. Бакма канаттуулар тез жетилет. Мекиян 4—6 айлыгында тууй баштап, жылына 150—180ден ашык жумуртка берет. Өрдөк, каз ж-а күрптөн эт көп алынат. Өрдөктүн 2 айлык жөжөсүнүн салм. 2 *кг* га жетет. Б. к. ч. рев-яга чейин Россияда артта калган. СССРде ал өлкөнүн бардык жеринде, көбүнчө түштүгүндө, Түн. Кавказда, Украинада, кара топурактуу ж. б. областтарда өнүгүүдө. Колхоздордо бакма канаттуулар фермалары 1929-ж. уюштурула баштаган. Кырг-нда 141 ферма, 4 фабрика ж-а Ат-Башы асыл тукум бакма канаттуулар з-ду бар. Колхозчу, жумушчу ж-а кызматчылардын менчигинде бакма канаттуулар көп. СССРде бакма канаттуулардын жаңы породаларын чыгаруу б-ча чоң иш жүргүзүлүүдө. Колхоз-совхоздордо жерг. тоокту мыктуу порода м-н аргындаштырып, орустун ак, первомай ж-а москва породалары чыгарылган. Биздин өлкөдө Б. к. ч. б-ча ил. из. жумушун СССР ИА, союздук респ-калардын ИАлары, бакма канаттуулар б-ча ил. из. ин-ту (Загорск), Тимирязев атн. а. ч. академиясы, Кыргыз ССРинде Кырг-н мал чарба ж-а вет. ил. из. ин-ту ж. б. илимий мекемелер жүргүзөт.

БАКМА КӨЛ, к. *Көл*.

БАКМАЛАШТЫРУУ — адамдын жапайы айбандарды акырындык м-н колдесси. Натыйжада алар үй айбандары болуп чыгат. Табиятта жапайы айбандардын түрлөрүнүн көптүгүнө карабастан, адам аның бар болгону 60-ка жакын түрүн гана бакмалаштырган. Б. болжол м-н 12—25 миң жыл мурда, мезолит ж-а неолит доорунда башталган. Көпчүлүк окумуштуулардын пикирлери б-ча, адегенде чочко, андан кийин эчки ж-а кой бакмага үйрөтүлгөн. Койлордун түпкү тектери — Борб. ж-а О. Азиядагы жапайы койлор. Эчкилер безоар эчкилеринен, үй турдан, жылкы тарпан ж-а пржевальский жылкыларынан бакмалаштырылган. Тооктун түпкү теги — жапайы банкив тооктору. Б-нун а. ч-да мааниси чоң.

БАК-ПАРК ИСКУССТВОСУ— калктын турмуш-тиричилик, маданий ж-а эстет. талаптарын канааттандыруу үчүн парктарды ж. б-ды жашылдандыруучу участокторду түзүү өнөрү. Б. п. ландшафттык композициясы б-ча 3 түргө бөлүнөт: 1) кол м-н отургузулган бак-дарак; 2) пейзаждык-жаратылыштык бак-даректар; 3) кол м-н отургузулган даректарды пейзаждык-жаратылыштык бак-даректар м-н аралаштыра отургузуу. Россияда азыркыдай бак ж-а парктар 18-к-да пайда боло баштаган. Петергоф паркы (азыр Петродворец), Москвадагы Кусково парктары ж. б. Б.-н. соц. коомдо бүткүл совет элин тейлейт, отпосдуктан ар бир союздук респ-калардын бардык шаарларында, ш. т. посёлоктордо, кыштактарда ж-а курорттук жайларда бак-даректар тигилип, парктар курулууда. Буга Фрунзедеги Кара жыгач багы, Достук паркы, Дзержинский, Жаш Гвардия бульварлары мисал.

БАКР Ахмед Хасан (1914-ж. т.)— Ирактын аскер ж-а мамл. иштери, генерал. 1958-ж. 14-июлдагы антимонархиялык антимпер. рев-яга катышкан. 1963-жылдын февралынан ноябрына чейин Ирак өкмөтүндө премьер-министр, 1963-жылдын ноябрынан 1964-жылдын январына чейин вице-президент болуп, кийин отставкага чыккан. 1968-жылдын 17-июлунан Ирак Респ-касынын президенти ж-а Рев-чыл командование Советинин (өлкөдөгү бийликтин жогорку органы) пред-ли; 1968-жылдын 31-июлунан бери премьер-министр да болуп иштеп жатат. Иректагы Баас партиясына башчылык кылат.

БАКТЕКТЕР — канаттуулардын көгүчкөн сымалдуулар түркүмүндөгү уруулары. Б-дин көгүчкөндөрдөн айырмасы: алар анча чоң эмес (уз. 14—30 *см*), мойнунда кара көк тагы бар, куйругу узун. Б-дин түсү күрөң, арка бели кара көк, боору агыш, куйрук чалгындары көгүш. Б. Европа-Афганистанда жашайт. СССРде 1 уруну түзгөн 5 түрү белгилүү, алар Крым, Кавказ, Каз-н ж-а О. Азия респ-каларында кездешет. Судан, Сахара, чөлдөрүндө кыштайт. Бадалдарга уя салып, эки ак жумуртка тууп, эркеги м-н ургаачысы жарым айча кезектешип басат. Б-тер өсүмдүктүн уругун, мөмөсүн, арпа, сулу, буудай ж. б. жейт. Эти *көгүчкөндүкүндөй.*

БАКТЕРИОЛОГИЯ *(бактериялар ж-а ...логия)*— *бактериялар* ж-дөгү илим, *микробиологиянын* тармагы. Б. бир катар өзүнчө тармактардан турат. Жалпы Б. бактериялардын морфологиясын, физиологиясын ж-а биохимиясын, алардын өзгөргүчтүгүн, тулышын, эволюциясын ж. б. үйрөтөт. Медициналык ж-а ветеринариялык Б. патогендүү бактериялардын биологиясын, алардын акыроо методун ж-а иммунитеттик кубулуштарын аныктап, кишинин, жаныбарлардын жугуштуу ооруларын дарылоо, алдын алуу үчүн атайын заттарды иштеп чыгат. Айыл чарба Б-сы жер кыртышынын түзүлүшүн жакшыртуу ж-а түшүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн а. ч. продуктуларын даярдоого (силостоо, ачытуу, пымдоо ж. б.) катышкан бактериялардын маанисин изилдейт. Техника Б-сынын спирт, орг. ж-а амин к-талары, ферментти, антибиотиктерди иштетип чыгарууда маанисин чоң.

БАКТЕРИОФАГ МЕНЕН ЭМДӨӨ—көө бир жугуштуу ооруларды дарылоодо ж-а алардын алдын алууда бактериофагдарды колдонуу.

БАКТЕРИОФАГДАР *(бактериялар* ж-а гр. phágos — жегич), фагдар— *бактерияларды* ж. б. *микроорганизмдерди* бузуучу касиети бар бактериялык *вирустар*. Б. адамдын, жаныбарлардын пчегисинде, өсүмдүктөрдө, топуракта, көлмөлөрдө, агын сууларда кеңири таралган. Ал ферменттерди бөлүп чыгарып, бактериялардын сыртқы челин эритип, башындагы ичке жипчелердин жардамы м-н микробго кирет, өзүндөгү нуклеин к-тасы аркылуу бактерия үчүн белок, ДНК, РНК синтездөөнү токтотот да, өзү үчүн нуклеин к-тасын ж-а белок синтездейт. Ал белоктун бир бөлүгү жаңы пайда болгон Б-дын челин түзөт. Б-дын айрымдары белгилүү бир гана түрдү (монофаг). Экинчилери микроорганизмдин ар кандай түрлөрүн (полифаг) эритет. Б. *дизентерия, кене, холера, чума* ооруларын дарылоодо, алардын алдын алууда, генетика ж-а *молекулалык биологиянын* теориялык иштери үчүн колдонулат.

БАКТЕРИОЦИДДИК ЛАМПА—төмөнкү басымдагы газ разряддык симаптуу лампа. Кубаттуулугу 15—30 *вт*. Лампаны электр линиясына кошкондо, сыман разряддалып, ультра кызгылт көк нур пайда болот. Б. л. операциялык бөлмөдөгү, бактериол. лабораториядагы ж. б. жайлардагы абаны эпизиссиздандыруу үчүн ж-а дарылоо ишинде колдонулат.

БАКТЕРИУРИЯ (*бактериялар* ж-а гр. úron — заара)— бактериялардын заара аркылуу бөлүнүп чыгышы. Бактериялар кан аркылуу (көбүнчө *ич кене, грипп, туберкулёз, кептөө* ж. б. ооруларда) ж-а лимфатикалык жол м-н (ичеги ооруларында) заарага өтөт. Дарылоо негизги ооруга карата жүргүзүлөт.

БАКТЕРИЦИДДЕР — *бактерияларды* ж. б. микроорганизмдерди жок кылуучу хим. каражаттар. Бактериялар-

ды өлтүрбөстөн, алардын көбөйүшүн токтотуучу Б. бактериостатикалык заттар деп аталат. Б. катарында орг. ж-а орг. эмес заттар: *галогендер, азот кычкылдары, хлориддер* гипохлориддер, *сууктегин өтө кычкылы, фенол*, спирт, *формалин*, көкүрттүү газ, этилен кычкылы, бромдуу метил ж. б. пайдаланылат. Б. зыянсыздандыруучу, б. а. дезинфекциялоочу же *антисептик зат* катары ж-а химиотерапияда колдонулат.

БАКТЕРИЯ КАРМАГЫЧ — абадагы микроорганизмдердин санын аныктоочу аспап. Абаны текшерүүдө колдонуучу методдор экиге бөлүнөт. Седиментттик — абадагы микробдорду остүрүлө турган табактын үстүнө түшүшүнө негизделген. Бул метод турак-жайлардагы, мал сарайлардагы абаны текшерүүдө колдонулат. Аспирациялык — изилдей турган абаны сордуруп алып, микробдорду остүрө турган табак аркылуу өткөрүүгө негизделген. Бул метод м-н ар бир кубометр абадагы микробдордун санын так эсептөөгө болот.

БАКТЕРИЯЛАР (гр. bakterion — таякча) — *микроскоп* аркылуу гана көрүнүүчү бир клеткалуу организмдердин чоң тобу. Б.—жөнөкөй ядролуу, хлорофилл ж-а пластиддери жок, бөлүнүү жолу м-н көбөйүүчү организмдер. Физиологиясы ар түрдүү, биохим. жактан активдүү келип, топуракта, сууда, абада кеңири тараган. Микроскопту ойлоп тапкан А. Левенгук өсүмдүктердүн ширесинен ж-а тиш киринен Б-ды 1-көргөн. 20-к-дын башында бардык шартта кездешип, оору пайда кылуучу түрдүү Б. байкалган. А. Пастэр Б-дын ар кандай заттардан азыктанышын, дем алышын ж-а биосинтезге окшогон эң маанилүү өзгөчөлүктөрүн изилдеген. Кийинчерээк сов. илимпоздор С. Н. Виноградский, В. Л. Омелянский, Б. Л. Исаченко табиятта заттардын айланышында Б-дын тиричилик үчүн зарыл шарттарды түзөөрүн аныкташкан. Булардын чоңдугу микрон м-н өлчөнөт, айрымдарын оптикалык микроскоп м-н да көрүүгө мүмкүн эмес. Б. шар, таякча, спираль, түтүр формасында болот да, анаэробдуу ж-а аэробдуу шарттарда жашап, жог. темп-рага ж-а уу заттарга туруктуу спора пайда кылат, ыңгайлуу шартта андан жаш вегетативдүү клеткалар өсүп чыгат, физиол. ж-а морфол. касиети б-ча өзгөрүүгө ийкемдүү келет. Б. 3 класска ж-а ага кирүүчү катарларга бөлүнөт. Б-дын бир клеткасы экиге бөлүнгөндөн кийин, бактериялык клеткасы өсө баштап, эне клеткага айланат. Алар эриген заттар м-н гана азыктанат, бул аның биол. өзгөчөлүктөрү м-н түшүндүрүлөт. Эрибеген заттар гидролитикалык ферменттердин таасири астында эриген абалга өткөндөн кийин сиңирилет. Б. дем алуусуна жараша 2 түргө бөлүнөт: кычкылтек бар жерде гана өркүндөй турганы — *аэроббдор*, кычкылтек жок жерде да өркүндөй ала турганы *анаэроббдор* деп аталат. Аэробдуу дем алууда орг. бирикмелер кычкылданып, көмүртек болүнүп чыгат. Анаэробдуу шартта углеводдор түрдүү Б. м-н ачып, сүт же май к-тасын, этил, пропил же бутил спиртин, ацетон ж. б. заттарды пайда кылышы мүмкүн. Б. *космополиттерге* кирет, аның бардык түрлөрү материктердин бардыгында жашайт. Табиятта заттардын айланышында Б-дын ролу чоң: микроорганизм, өсүмдүк ж-а жаныбарлардын калдыктарын толук минералдаштырып, түрдүү клетканын составына кируучу бардык хим. элементтердин айланышына катышат. *Генетика, биохимия, биофизика, космостук биол.* илимдеринин кээ бир маселелерин чечүүдө, топуракты асылдандырууда, микробиол. ө. ж-да ферменттик препараттарды алууда, тоюттарды силостоодо Б-дын маанизи чоң. Табиятта азыктарды, курулуш материалдарын, түрдүү сырьёлорду бузуучу ж-а оору козгоочу Б. кездешет.

Лд.: Анатомия бактерий, пер. с англ., М., 1960; Тимаков В. Д., Микробиология, М., 1973.

БАКТЕРИЯЛЫК ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕР — өсүмдүктөрго керектүү топурак микроорганизмдери бар препарат. Б. ж. с. чачылган топуракта биол. процесстер күчөп, өсүмдүктүн азыктанышы жакшырат. СССРде Б. ж. с-ден нитрагин, азотобактерин ж-а фосфоробактерин кеңири колдонулууда. Нитрагин — чанактуу өсүмдүктөрго пайдаланылуучу жер семиртkич. Ал чанактуу өсүмдүктөрдүн тамыр бактерияларынан даярдалып, стерилденттирилген ж-а орг. заттары көп субстратта көбөйтүлөт. Препарат 1-жолу 1896-ж. Германияда чыгарылган. Кийинчерээк Россия, Франция, Чехословакия ж. б. мамлекеттерде жасала баштайт. СССРде люпинге, сояга, сераделлага, жер жаңгагына колдонулат. 1 *г* нитрагинде кеминде 70—300 млн. тамыр бактериясы болот. Нитрагин орг. ж-а минералдык жер семиртkич м-н айкалыштырылып колдонулса, аның эффективдүүлүгү жогорулайт. Азотобактерин — азотобактер микробу бар жер семиртkич. СССРдеги стандарт б-ча, 1 *г* азотобактеринде 50 млн-дон ашык азотобактер клеткалары бар. Орг. заттары көп топуракта азотобактер тез өнүгүп, өсүмдүктүн азот м-н азыктанышын ж-а өсүшүн жакшыртат. Фосфоробактерин—составында микроорганизм споралары (1 *г* да 8,5—16 млрд.) бар порошок. Ал фосфорду өсүмдүк оңой азыктануучу формага айландырат. Б. ж. с. орг. ж-а минералдык жер семиртkичтер м-н бирге колдонулса, жакшы натыйжа берет. Б. ж. с. көпкө сактоого жарабагандыктан, бир сезонго гана жете турган дай өлчөм м-н даярдалат.

БАКТЕРИЯЛЫК КУРАЛ, биологиялык курал — зыян кылуучу таасири микроорганизмдердин (адам-дардын, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн ооруусун козгогучтардын) оору жугузуу каспетине негизделген курал. Б. к-дын каражаттары: бактериялар, вирустар, риккетсиялар, ботончо микроорганизмдер ж-а бактериялар иштеп чыгуучу уулар-токсиндер. Бактериялык каражаттар атайын курулган ракеталар, замбиректин снаряддары, авиац. бомбалар ж-а диверсанттар аркылуу да колдонулат. Б. к. аз күч м-н өтө чоң зыян келтиргендиктен ага 1925-ж. Женева протоколу м-н тыюу салынган. Аны 60тан ашык мамлекет, аның ичинде СССР да ратификациялаган. АКШ, Япония ж. б. өлкөлөр ратификациялаган эмес. Фаш. Германия м-н Япония 2-дүйн. согуш убагында Б. к-ды колдонууга астыртан камылга көрүшкөн. Американын аскерлери Б. к-дын кээ бир түрлөрүн Түш. Вьетнамга каршы агрессиялык согушта колдонду. Б. к-ды колдонуу адамзаттын алдындагы эң вор кылмыш болуп саналат.

БАКУ (азерб. Бакы — мүмкүн, парсча бад кубе — шамал үйлөгөн) — Азерб. ССРинин борбору. Каспий деңизинин бат. жээгинде, Апшерон ж. а-нын түштүгүндөгү ири порт. Январдын орт. темп-расы 3°С, июлда 25—30°С. Жылдык жаан-чачыны 180—300 *мм*. Чоң Баку 10 админ. р-нду ж-а 46 ш. т. посёлокту бириктирип турат. Калкы 1337 миң (1972). Б. ж-дө 5-к-дагы жазмаларда, о. эле 9—10-к-дагы географтардын (аль-Истахри, аль-Масуди ж. б.) эмгектеринде айтылып, нефть алынары белгиленет. Б. 12-к-дын 2-жарымында бир азга Ширван мамлекетинин борбору болуп турган. Аның нефтиси Чыг. өлкөлөрүнө ошондо эле чыгарыла баштаган. Б-ну 1540-ж. Сефевилер, 16-к-дын 80-жылдарында Турция, 1723-ж. орус аскерлери жеңип алган. 1735-ж. ал Иранга кайтарылган. Көп сандаган согуштар ж-а феодалдардын чабышуулары Б-нун өсүшүнө терс таасир тийгизип, 18-к-дын 30-жылдарында андагы соода-сатык начарлап, нефть чыгаруу азайган. 1747-ж. ал Баку хандыгынын борбору болуп калган. 1804—13-жылдардагы орус-иран согушунун убагында (1806) Б. Россияга кошулган. 19-к-дын 70-жылдарынан тартып Б. тез өнүгө баштайт. 20-к-дын башында аның көп улуттуу жумушчу табынын саны 60



Баку. Сабир багы.

миң адамдан ашкан. 19-к-дын аягында Б-да рев-чыл кыймыл башталып, 1898—99-жылда с.-д. биринчи кружоктор пайда болгон. 1901-ж. «Искра» тобу уюшулуп, ошол эле кезде РСДРПнин Баку комитети, 1904-ж. анын алдында «Гуммет» («Энергия») деген с.-д. топ түзүлгөн. Б. пролетариатынын көрүнүктүү күрөштөрүнүн бири *Баку стачкалары* болгон. Анын жумушчу табы 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышып, 1905-ж. ноябрда Жумушчу депутаттарынын Баку совети, 1906-ж. нефть ө. ж. жумушчуларынын профсоюзу түзүлгөн. 1917-ж. 31-октябрда (13-нояб.) Совет бийлиги жарыяланган. 1918-ж. 25-апрелде Баку Эл Комиссарлар Совети түзүлгөн. Бирок тышкы ж-а ички контррев-чыл күчтөрдүн кысымы астында Б-дагы Совет бийлиги 1918-ж. 31-июлда убактылуу кулайт. 1920-ж. февралда Б-да Азерб. компартиясынын жашыруун 1-съезди өтүп, ал Совет бийлигин орнотуу үчүн куралдуу көтөрүлүшкө даярдануу ж-дө чечим кабыл алган. 1920-ж. 28-апрелде Б. пролетариаты бурж.-улутчул мусаватчылар өкмөтүн кулаткан. Көтөрүлгөн азерб. элине 11-Кызыл Армия жардамга келип, 1920-ж. 28-апрелде Азерб. ССРи жарыяланып, Б. анын борбору болуп калды.

Азыркы Б.— нефть ж-а газ өндүрүү, нефть-химия, машина куруу, металл иштетүү ө. ж-лары, курулуш материалдарын өндүрүү, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. комплекстери өнүккөн шаар. Көп сандаган ө. ж. ишканаларынын ичинен «Лениннефть», «Орджоникидзенефть», «Кировнефть», «Азизбековнефть», «Карадагнефть» ж. б. нефтепромыселдери союзга белгилүү. Б-нун чыг. бөлүгүндө нефть иштетүү з-ддору (Новобакинский, КПССтин 22-партсъезди атн., Караев атн. ж. б.), хим., машина куруу ж-а металл иштетүү з-ддору (лейтенант Шмидт атн., Кишлин жог. вольттуу аппаратура з-ду, прибор куруу, муздаткычтарды, телевизорлорду, газ аппаратураларын чыгаруучу ж. б.), тамак-аш ж-а жеңил ө. ж-нын ишканалары топтолгон. Шаардын чет жакаларында нефть, газ өндүрүүчү ж-а газ иштетүүчү, курулуш материалдарын чыгаруучу ишканалар бар. Б.— ири трансп. тоому. Жүк ташуунун көлөмү б-ча союздук борборлордун ичинен 3-орунда. Деңиз соода порту алдыңкы орунду ээлейт. Б. аба жолу аркылуу өлкөнүн көп жерлери м-н байланышат. Б-нун айланасында Забрат, Маштага, Дюбенди ж-а Приморск жаңы шаар-спутниктери курулуп жатат. Шаардын байыркы бөлүгү кууш көчөлөрдөн (сепил жө Ичери-шехер) турат. О. кылымда бул сепил дубалдар м-н курчалган. Ички тарабы 1952—57-ж. кайрадан оңдолуп курулду. Крепосттун аймагында Сынык-Кала мунарасы (1078—79), Кыз-Кала мунарасы (12-к.), Ширваншахтардын дворец комплекси (15-к.) сакталган. 19-к-дын 2-жарымында Б-да эклектикалык имараттар курула баштайт. 1920-жылдардагы ген. план б-ча эски р-ндор кайрадан курулуп, 30—40-жылдарда көп жаңы имараттар: Азерб. КП БКнын, Мин. Советинин имараты, Низами атн. музей (арх. С. А. Дадашев, М. А. Усейнов) ж-а Низаминин (1949, арх. Ф. Г. Абдурахманов), В. И. Лениндин (1955, арх. Д. М. Карягды) ж. б. скульптуралык эстеликтери тургузулган. Б-да ИАсы, 100дөн ашык ил. мекеме, ун-т, ин-ттар, театрлар, ири китепкана, 16 музей, 13 пионерлер үйү, 9 балдар спорт мектеби ж. б. бар.

Ад.: Ашурбейли С. Б., Очерк истории средневекового Баку (VIII — начало XIX вв.), Баку, 1964; Гаджинский Д. Д., Азизбекова П. А. (сост.), Баку. Исторические и достопримечательные места, Баку, 1956.

БАКУ КОМИССАРЛАРЫ — Закавказьенин 26 рев-чыл ишмери: С. Г. Шаумян, П. А. Джапаридзе, М. А. Азизбеков, М. Г. Везиров, Я. Д. Зевин, Г. Н. Корганов, И. Т. Фиолетов, И. В. Малыгин, С. Г. Осепян, А. М. Амирян, Г. К. Петров, И. Я. Габышев, Б. А. Авакян, Т. М. Амиров, Э. А. Берг, Ф. Ф. Солнцев, И. А. Мишне, А. А. Борян, М. В. Басин, А. А. Богданов, С. А. Богданов, М. Р. Коганов, А. А. Костандян, И. П. Метакса, И. М. Николашвили, В. Ф. Полухин. Б. к. Азербайжанда Совет бийлигин орнотуу, жумушчу м-н дыйкандардын союзун түзүү, Баку ЭКСтин жер ж-дөгү декретин ишке ашыруу сыяктуу зор иштерди жүргүзүштү. Бакуда ж-а Азербайжанда Совет бийлигинин жеңиши буржуазиянын, помещиктердин, англ.-нем. интервенттердин каршылыгына учурады. Контррев-чыл күчтөр Бакуда Совет бийлигин кулатууга кастарын тикти. 1918-ж. мартта Совет бийлигине каршы мусаватисттер контррев-чыл козголоң уюштурса, ошол жылдын жайында дашнактар Баку пролетариатына чыккынчылык кылды. Баку пролетарлары каарманча каршылык көрсөтсө да, 31-июлда Совет бийлиги убактысынча кулады. 1918-ж. 4-августта англ. интервенттер Бакуну ээлеп алат. Мындан кийин Б. к. боштондукта жүргөн большевиктердин жардамы аркасында «Түркмөн» пароходу м-н Астраханга жөнөтүлөт. Бирок команданын контррев-чыл ой пикирдеги мүчөлөрү англ. ж-а бир нече дашнак офицеринин талап кылуусу б-ча пароходду англ. интервенттердин ж-а жерг. эсерлер өкмөтүнүн колунда болгон Красноводск портуна айдап келет. Бул жерде Б. к. камакка алынат. 1918-ж. 20-сентябрда кечинде англ. интервенттер м-н эсердик өкмөт 26 Б. к-н Перевал ж-а Ахча-Куйма станцияларынын аралыгында атып өлтүрүштү. 1920-ж. сентябрда Б. к-нын сөөгү Бакуга алып келинип, «26 Баку комиссарынын аянтына» салтанат м-н коюлган.

1958-ж. аларга эстелик орнотулуп, 1968-ж. пантеон салынды.

Ад.: Последние дни комиссаров бакинской коммуны; по материалам судебных процессов, Баку, 1928; Шаумян Л. С., Двадцать шесть бакинских комиссаров, 1968; Микоян А. И., О днях Бакинской коммуны, «Юность», 1967, № 11—12; 1968, № 1—2.

БАКУ КОММУНАСЫ — 1918-жылдын жаз-жай айларында Бакуда ж-а Азербайжандын бир топ райондорунда орнотулган Совет өкмөтү. 1917-ж. 31-октябрда (13-нояб.) большевиктердин Баку комитетинин демилгеси б-ча Баку совети Закавказьеде 1-болуп бийлик Советтин колуна өткөндүгү ж-дө токтом чыгарды. 25-апрелде Баку Эл Комиссарлар Совети түзүлдү. Ал банктарды, нефть промыселдерин, соода флотун мамлекеттештирүү, хандар м-н бектердин жерлерин конфискациялап дыйкандарга берүү ж. б. бир катар маанилүү чараларды жүзөгө ашырды. Бирок 1918-ж. жайында Түркия аскерлери м-н *мусаватчылардын* отряддары Бакуга чабуул коё башташты. 25-июлда Баку советинин заседаниесинде бир аз көптүк кылган меньшевиктер, эсерлер, дашнактар большевиктердин каршы турушуна карабастан, шаарды коргоо деген шылтоо м-н англиялыктардын отрядын чакыруу ж-дө чечим кабыл алды. Ушундай кырдаалда 31-июлда Бакудагы Совет бийлиги убактылуу кулатылды. 4-августта Англиянын аскерлери Бакуну басып алды. Б. к. кулатылып, бакулук 26 комиссар атылган соң бүткүл Закавказьени интервенттер м-н контррев-ялык күчтөр ээледи. Азербайжанда Совет бийлигин калыбына келтирүү үчүн катуу күрөш улантылды. 1920-ж. 28-апрелде Азербайжанда Совет бийлиги калыбына келтирилди, к. *Азербайжан ССРи, тарыхый очерки.*

Ад.: Ленин В. И., Чыг., 28-т., 1—20-б.; Шаумян С. Г., Избр. произв., т. 2, М., 1958.

БАКУ НЕФТЬ-ГАЗ РАЙОНУ — Азерб. ССРиндеги нефть м-н газдын мол запасы бар ири аймак. Район Апшерон ж. а-нын аймагы м-н ага чектеш жаткан Каспий деңизинин акваториясында жайгашкан. Нефть кендери түн.-батыштан түш.-чыгышка созулуп жаткан, көбүнчө диапирлер, кээде балчыктуу жанар тоолор м-н татаалданып бүктөлүүлөргө учураган (брахиантиклиналдар) тоо тек катмарларында топтолгон. Нефтинин көпчүлүгү плиоценде пайда болгон чөкмөлөрдө, азыраак бөлүгү андан эзелки тоо тектердин арасында, 4500 *м* ге чейинки тереңдикте кездешет. Калыңд. 1000—3400 *м* ге чейин жеткен кум, кумдук, алевролит ж-а чоподон турган катмарларда 40ка жакын нефтилүү кабат бар. Апшерон ж. а-дагы нефть илгертен бери белгилүү. Анда тайыз кудуктар казылып, аз гана нефть алынган. 19-к-дын аягынан тартып бургулоо көзөнөктөрү колдонулуп, нефть алуу бир топ арбыйт. 20-к-дын башында бул район нефть чыгаруу б-ча дүйнө жүзүндө 1-орунду ээлеген. Б. н.-г. р. иштетилгенден бери 1 млрд. *т* дан ашык (1970) нефть алынган. Райондо газ кендери да бар. Алардын ириси — 1957-жылдан баштап пайдаланууга берилген Карадаг газ-нефть кени. Анын запасы мол. Райондун газы Карадаг — Баку, Карадаг — Кировабад—Акстафа—Тбилиси ж-а Акстафа—Ереван газ өткөргүч түтүктөрү аркылуу Закавказье респ-каларына берилет. Ал эми нефть болсо Бакуда иштетилет. Нефть ж-а газга байланыштуу нефть химиясынын ар түрдүү комплекстери ж. б. өндүрүштөр өстү.

БАКУ СТАЧКАЛАРЫ (1903, 1904, 1913, 1914) — Баку пролетариатынын массалык стачкалары. 1903-жылдагы стачка (1-июль) Закавказьедеги биринчи жалпы стачка болгон. Ага РСДРПнин Баку Комитети жетекчилик кылган. Анын демилгечилери металлчылар болгон. Шаарда ишканалар иштебей, телефон байланышы, поезддер токтоп калган. Жумушчулар 8 сааттык жумуш күнүн, маянанын көбөйтүлүшүн, штрафтарды жоюуну, камакка алынгандарды бошотууну ж. б. талап кылышкан, бирок ал талаптар канааттандырылбай, 22-июлда аскердин күчү м-н стачка басылган.

1904-жылдагы стачка 13-декабрда башталып, мурунку стачкада коюлган талаптардын үстүнө жумасына бир жолу дем алыш берүү, 1-майды майрам күнү деп эсептөө, жумушчуларды жалдоодо ж-а бошотууда алардын өкүлдөрүн катыштыруу, маянаны айына кеминде 2 жолу белгилеген мөөнөттө берип туруу д. у. с. жаңы талаптар кошулган. Ишкана ээлери аргасыздан 30-декабрда коллективдүү договор түзүшкөн. Жумушчулар 9 сааттык жумуш күнүнө, айына 4 күнү эс алууга, маянаны көбөйтүүгө ж. б. жетишкен. Бул 2 стачка ар түрдүү улуттун ж-а кесиптин жумушчуларынын тилектештигин көрсөтүп, Закавказье пролетариатынын саясий аң-сезиминин өсүшүнө ж-а алардын баш кошушуна көмөк берген.

1913-жылдагы жалпы стачка 25-июлда башталып, бир катар ишканалардын жумушчуларынын рев-ячыл чыгуулары болду. РСДРП Баку Комитети стачкалык комитет уюштуруп, мурдагы талаптарга жумушчулардын балдары үчүн мектептер, өзүлөрүнө эне тилинде окуткан курстар ачуу ж. б. талаптарды койгон, буларга 35 миңден ашуун киши катышкан. Натыйжада бир топ ишканалардын жумушчуларынын жарым-жартылай экон. талаптары канааттандырылган. Бирок ишкана ээлери убадасын орундатпагандыктан, кайра жаңы иш таштоо көтөрүлгөн. 1914-жылдагы жалпы стачка 28-майда башталып, өткөн жылдагы талаптар м-н бирге коллективдүү договор түзүү, жумушчулардын уюмдарын таануу ж. б. коюлган. Ага 50 миңге жакын жумушчу катышат. Падыша өкмөтү стачкага катышкандарды куугунтукка алган. Буга жооп катары иш таштоолор, демонстрациялар болгон. Россиянын бир катар шаарларында бакулук жумушчуларга жардам берүү фондусуна каражаттар жыйналган. 1-дүйнөлүк согуштун башталышына байланыштуу стачка июлда басылган.

Ад.: История Азербайджана, т. 2, Баку, 1960; Шаумян С. Г., Избр. произв., т. 1., М., 1957.



А. Н. Бакулев.

БАКУЛЕВ Александр Николаевич [25. 11 (7. 12). 1890—31. 3. 1967] — сов. хирург, ИАнын акад. (1958). СССР мед. ИАнын анык мүчөсү (1948) ж-а президенти (1953—60), Соц. Эмг. Баатыры (1960). 1915-ж. Саратов ун-тинин мед. ф-тетин бүтүргөн. 1919-жылдан ушул ун-ттин проф. С. И. Спасокукоцкий жетекчилик кылган госпиталдык хирургия клиникасында ординатор. 1926-жылдан Москвадагы 2-мед. ин-ттун хирургия кафедрасында иштеген. Ал бөйрөк ж-а сөөк хирургиясы, көкүрөк шишиктери б-ча изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Б. СССРде нейрохирургия илими б-ча Улуу Ата Мек. согуш учурунда мээ м-н жүлүн жарааттарын хирургиялык жол м-н дарылоо методдорун иштеп чыккан. Согуштан кийин көкүрөк хирургиясына көп көңүл бөлүп, өпкө ж-а жүрөккө операция жасоону өздөштүргөн. СССР Мамл. (1949) ж-а Лениндик (1957) сыйл. лауреаты. СССР Жог. Советинин 3—5-шайл. депутаты. Б. 3 Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАКУНИЗМ — анархизмдин бир агымы, М. А. *Бакуниндин* ысымынан аталган. Майда буржуазиячыл революцияны, адамдын керт башынын чексиз эркиндигин жактаган Б-дин тарапкерлери жеке менчикти жоюу м-н бирге мамлекетти жок кылууну, майда общиналардын толук өз алдынчалыгын ж-а алардын эркин федерацияга биригишин талап кылышкан. Алар соц. рев-я ж-дөгү маркстик илимге каршы чыгышып, жумушчу табынын күрөшүнүн бардык формаларын, өз алдынча жумушчу партияларын түзүү зарылдыгын танышкан. Өз идеяларын жүзөгө ашыруу үчүн жашырын уюмдарды уюштуруп, алар аркылуу жумушчу кыймылына жетекчилик кылмакчы, массанын стихиялык бунттарын башкармакчы болушкан. 1-Интернационалдан ырк бузар иштери үчүн чыгарылган. 19-к-дын аягында Б. масса м-н байланышы жок, жарамсыз бир секта болуп калган. Бирок Б. анархисттик же анархизмге жакын ар кандай агымдардын (*анархо-синдикализм* ж. б.) пайда болушуна таасир тийгизген.

БАКУНИН Михаил Александрович [18(30) 5. 1814, Новоторж у., Тверь губ.—19. 6(17). 1876] — орус революционери, анархизм м-н народниктерге негиз салган теоретиктердин бири. 1844-ж. Парижде П. Прудон, К. Маркс ж-а Ф. Энгельс м-н таанышкан. Падыша өкмөтү Б-дин чет өлкөдөгү саясий иш-аракеттерине көңүл бөлүп, анын Россияга кайтышын талап кылган. Бирок ал буйрукка баш ийбей, чет өлкөдө кала берген. Б-ди Сибирге сүргүнгө айдоо ж-дө 1844-ж. Сенат сыртынан чечим чыгарган. Ал 1848—49-жылдагы рев-яга ишкердүү катышып, славян элдеринин боштондук кыймылына тилектеш болгон. Славяндарды немец, венгр элдери м-н достошууга үндөгөн. 1850-ж. Хемницте камакка алынып, адегенде Саксония өкмөтү (1850), андан кийин Австриянын аскер соту (1851) аны өлүм жазасына тартуу ж-дө өкүм чыгарган. Бирок ал өмүр бою түрмөдө отуруу жазасы м-н алмаштырылып, падыша өкмөтүнө өткөрүлүп берилген. 1857-ж. Сибирге сүргүнгө айдалган. 1861-ж. Сибирден качып, Япония, АКШ аркылуу Лондонго барган. 1862—63-ж. Герцен, Огарёвдор м-н кызматташ болуп, «Земля и воля» м-н байланышкан. Б-дин түшүнүгү б-ча, тарых — адамзаттын «жаныбарлар дүйнөсүнөн» «боштондук дүйнөсүнө» эвол. жол м-н өтүү процесси. Элдердин эзилишинин негизги себеби — мамлекет деп туура эмес түшүнүп, мамл. түзүлүштүн бардык түрүнө, ошону м-н бирге пролет. диктатурасы ж-дөгү маркстик илимге да каршы чыккан. Б. 1860—70-ж. өзүн материалисттер м-н атеисттердин катарына кошкон м-н философиянын ролун ж-а милдетин түшүнүүдө О. Конттун позитивизмине жакын турган. Өзүн тарыхты материалистче түшүнүү тарапкеримин деп эсептеп, марксизмди «Экономикалык материализм» духунда түшүндүрүүгө аракеттенген. 1864-жылдын аягында Жумушчулардын эл аралык шериктештигине (1-Интернационал) мүчө болуп кирет. Бирок анархисттик мүнөздөгү жашырын «Интернационалдык боордоштук» деген уюмун түзүп, чынында Интернационалга каршы күрөшкөн. К. Маркс башкарган Интернационалдын Башкы Советине каршы Б-дин жүргүзгөн иши интернационал м-н эл аралык жумушчу кыймылына олуттуу зыянын тийгизген. Б-дин, анын жактоочуларынын көз караштары пролетариатка жат экенин К. Маркс, Ф. Энгельс дайыма ашкерелеп, ага каршы күрөшкөн. 1872-ж. Гаага конгрессинде Б. Интернационалдан чыгарылган. Г. В. Плеханов Б-дин коомдук көз карашын сынга алып, анын Россиянын саясий-экон. түзүлүшү ж-дөгү түшүнүгү утопиялык мүнөздө экендигин далилдеген. В. И. Ленин анархизмди, кала берсе бакунизмди да майда бурж.

көз караш деп эсептеп, анын бардык формаларына каршы күрөшкөн. В. И. Ленин бакунизмдин теор. катасы негизсиз экендигин ашкерелеп, аны эл аралык жумушчу кыймылына тийгизген зыянын көрсөтүү м-н бакунист-народниктердин Россиядагы рев-ялык күрөшкө кошкон салымын да белгилеген.

Ад.: Маркс К. и Энгельс Ф., Мнимые расколы в Интернационале, Маркс К. и Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 18; Ленин В. И., Анархизм жана социализм, Чыг., 5-т.; Стеклов Ю., М. А. Бакунин, Его жизнь и деятельность, т. 1—4, М.—Л., 1926—27.

БАКЧА — дарбыз, коон, ашкабак ж. б. айдалган жер, к. *Бакча өсүмдүктөрү.*

БАКЧА ӨСҮМДҮКТӨРҮ — эгилме өсүмдүктөрдүн ашкабак тукумундагы тобу (дарбыз, коон, ашкабак). Алар төөлүн же чырмалып өсөт. Б. ө. Азиянын, Африканын ж-а Америкanын тропик ж-а субтропик өлкөлөрүнөн чыккан. Кургакчылыкка чыдамдуу, вегетация мөөнөтү узак. Дың жерде, кысыр аңызда жакшы өсөт. Б. ө-нүн айдоо аянты, дүң жыйымы, сапаты б-ча СССР дүйнөдө 1-орунда. СССРде Б. ө. Астрахань, Волгоград, Саратов обл., Түн. Кавказ, Украина, О. Азия, Каз-н, Закавказье, Молдавияда эгилет. Кырг-ндын Чүй өрөөнүндө, Ош обл-да өстүрүлөт. Б. ө — баалуу азык ж-а тоют.

БАКЧА-ЯСЛИ — 2 айдан 7 жашка чейинки балдарды тарбиялоочу мектепке чейинки мекеме. Б.-я. *балдар бакчалары* м-н яслилерди бириктирүү аркылуу түзүлөт. Балдар мекемелерин бириктирүүдө отол жердеги бакчалар м-н яслилердеги орундардын жалпы санын азайтпоо, санитардык

Фрунзе шаарындагы 6-микрорайондогу № 85 бакча-ясли.



нормаларды бузбоо, ар бир топтогу тарбиялануучулардын санын белгиленгенден ашырбоо керек. Б.-я. 45—160 орунга эсептелип, ушуга ылайык түзүлөт, к. *Балдар яслиси.*

БАКЧЫЛЫК, к. *Момо өстүрүү.*

БАКШЫ — 1) кыргыздардын исламга чейин туткан дининдеги (шаманизм) ооруган адамды ар түрдүү айла-амал м-н дубалап дарылоочу адам. Кыргыз-казак шаманды Б. деп аташат. Б-лар керт башынын пайдасы үчүн наадандыкты, карацгылыкты үгүттөп, карапайым элди алдап, жалган эмдеп келишкен. Б-лар жаман ж-а жакшы жин-макүл (дух) бар дешип, адамдардын ооруп калышын жаман духтун иши, аны куучу чыкса, адам айыгат деп түшүндүрүшкөн. Калктын ач-сезиминин жогорулашына байланыштуу Б-ларга ишенүү негизинен жоюлду. 2) Түркмөн, өзбек, каракалпактардын төкмө, жамакчы ырчысы. Б-лар репертуарына негизинен ыр, дастан ж-а Чыгыштын классик акындарынын чыг-лары кирген. Элдик ырларды ж-а эпикалык чыг-ларды эки кылдуу муз. аспап — дутардын коштоосу м-н аткарган. Б-лар көптөгөн өзөкчө чыг-ларды жаратып, калк сабатсыз кезде жазма поэзиянын үлгүлөрүн да эл арасына жайылтышкан. Окт. рев-ясынан кийин Б-лардан өзөкчө ад-ттын көптөгөн үлгүлөрү жазылып алынган.

БАКЫТ — адамдын ич-аракети натыйжалуу болуп, олуттуу каалоолору, көздөгөн максаты ишке ашып, өзү басып өткөн жолго, өз турмушуна алымсынуу абалын билгизген этикалык түшүнүк. Б-тын маанисин туура түшүнүү адамдын өмүрүнүн мазмунун м-н максатын тактоого байланыштуу. Байыркы грек ойчулдары *(Сократ, Платон, Эпикур,* стоиктер) Б-тын теориялык мазмунун аныктоого аракеттенишкен. Бирок алар жеке адамдын коомдук өнүгүшкө байланышпаган бактысы ж-до жалпы эреже түзүүнү көздөшкөн. Ошондуктан Б-ты айрымдары дене м-н жандын жыргашы же керт башынын камын ойлоо десе (к. *Гедонизм, Утилитаризм),* кээ бирлери бул дүйнөнүн ыракатынан безип, өзүн тигил дүйнөго багыттоо (к. *Аскетизм)* деп билген. 18-к-да француз материалисттери адамдын бактылуу болушун алардын материалдык мүдөөсүнүн канааттанышы м-н, ал эми Л. Фейербах болсо Б-ты махабат м-н байланыштырган. Азыркы кездеги бурж. философия турмуштун негизги мааниси Б-та эмес, мээнет тартууда деген пессимисттик көз карашты жактайт. Маркстик-лениндик илим Б-ты эмгекчилердин негизги мүдөө-максаттарынын бири деп карайт. Капит. коомдо эмгекчилердин Б-ка жетпей турганы ачык. Эмгекчилерге чыныгы Б-ты коммунисттик коом гана бере алат. Соц. өлкөлөрдөгү калктар м-н капит. өлкөлөрдөгү ач-сезимдүү эмгекчилер өмүрүнүн негизги максатын, анын маанисин коммунизм үчүн күрөш м-н байланыштырат.

БАКЫЯН — Киров р-нундагы Бейшеке сельсоветине караштуу кыштак, «Бейшеке» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кировдон 18 *км* чыг. тарапта, Маймак т. ж. станциясынан 67 *км.* Калкы 1565 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БАЛ — аары өзү азыктануучу нектардан ж-а таттуу ширеден пайда кылуучу канттуу, илээшме суюктук. Б. таттуу, жыты жакшы, түсү тунук, саргыч, чирибейт, бара-бара коюланат. Б-да 15 түрдүү орг. кислота, фермент, 35че минералдык зат, витамин бар. Составында 80% тең ашык кургак зат ж-а 16—22%ке чейин суу болот. Анда глюкоза, фруктоза, сахароза сыяктуу кант заттары бар. Б-дын сапаты коюулугу, даамы, жыты, оңу ж. б. б-ча аныкталат. Анын 35%ин глюкоза (жүзүм канты) түзөт. Ал адамдын организмине тез сиңет. Фруктоза (жемиш канты) глюкозага караганда таттуу, хим. составы жагынан глюкозага жакын, ал өз калыбында эле пайдаланылышы мүмкүн. Фруктоза м-н глюкоза аралашмасынын дарылык ж-а диеталык касиети бар. Б-дын составында 2% чамасында сахароза, 3—4% декстрин, 0,1—0,3% белок, 0,03—0,2% минералдык заттар болот. Анда фосфор ж-а туз к-талары; күлүндө калий, натрий, кальций, магний, темир, фосфор, бир аз марганец, коргошун, цинк кездешет. Сапаты өтө жогору.

БАЛ КАЙМАК — сүт тамактарынын бир түрү. Ал кам каймактан майы болүнгөнгө жеткирбей кайнатып даярдалат. Ага кээде бир аз ун чалып да кайнатышат. Даамы таттуу болуп, жегиликтүү келгендиктен Б. к. аталат. Муну көбүнчө балдарга беришет.

БАЛ КАМЫШ (Saccharum) — дандуулар тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. Анын 13 түрү белгилүү. **Айдама Б. к.** бийик. 2—6 *м,* жалбырагы узун, жазы, сабагында 16—18% кант бар, жоондугу (диаметри) 4—5 *см,* шыпыргы гүлдүү. Тропик ж-а субтропик өлкөлөрүндө мындан кант чыгарылат. Ал Индия, Кытай, Вест-Индия (Куба, Пуэрто-Рико), Бразилияда мингеген *га* жерге өстүрүлөт. Канттан тышкары андан ром, спирт, чөбөгө алынат. Жалбырагын ж-а канты алынган сабагын мал сонуркап жейт. Таж. ССРинде андан шире алуу үчүн айдалып, ром ж-а спирт жасоодо колдонулат. Аму-Дарыянын жээгинде жапайы түрү өсөт. Америкада ж. б. өлкөлөрдө аны бир нече гибриди чыгарылган. Гектарынан 30—40 *т,* айрым жерде 90 *т* га чейин тех. сабак жыйналат.

БАЛ ТАРТКЫЧ — бал тартуучу машина. Аны чехосл. бал челекчи-конструктор Груш 1865-ж. ойлоп чыгарган. Б. т-тын бир нече түрү болот. Б. т. кашектери бар өз огунда айлануучу баралуу (барабандуу) челек-

тен ж-а кыймылга келтиргичтен турат. Уячаларынын оозу ачылган балду рамкалар кашекке орнотулат. Бара чарк айланганда, бал челектин боорупа чачырап, түбүнө жыйылат да, чоргодон тышка агат. Азыр көбүнчө Таганрог з-ду чыгаруучу Б. т. пайдаланылат. Челегинин бийикт. 820 *мм,* диаметри 660 *мм,* идишине 30 *л* бал батат. Азыр электр м-н кыймылга келтирилүүчү өндүрүмдүү Б. т. чыгарылып жатат.

БАЛ ЧЕЛЕК — бакма аарынын атайын жайы. Бал өндүрүүдө, көбүнө стандарт рамкалуу (өлчөмү 435×230 *мм*) Б. ч. колдонулат. Челектин стандарт рамкаларындагы (өлчөмү 435×145 *мм*) бир түрдүү уюктардын аралыгы 37,5 *мм,* ортосундагы аары өткөөлү 12—12,5 *мм* болууга тийиш. Рамканын каптал, алдыңкы ж-а ортоңку аралыгы 7,5 *мм,* анын төмөнкү планкасы м-н уюктун түбүнүн ортосу 15—20 *мм* ден ашпоо керек. Кырг-ндын шартында курама жалпак Б. ч. колдонулат. Аларды көчүрүп жүрүү оңой.

БАЛ ЧЕЛЕКЧИ — балчы, бакма аарыны асыроочу киши, к. *Аары чарбачылыгы.*

БАЛА АСЫРАП АЛУУ — ата-эне камкордугунан ажыраган (18 жашка чейинки) балдарды тарбияга алуу. Сов. укук б-ча асыранды балдар да өз бала катары укукка ж-а милдеттерге ээ. Бойго жеткен, сот тарабынан ата-энелик укугунан ажыратылбаган, ишке жарактуу кишилер гана бала асырай алышат. Баланын туура тарбияланышы үчүн бала асыроочунун үйүндө ыңгайлуу шарт болушу зарыл. Б. а. а. үчүн Эмгекчилер депутаттар Советинин аткому чечим чыгарат. ЗАГСта катталат. Бала асыроочунун өтүнүчү б-ча асыранды балага асыроочунун фамилиясы берилет ж-а анын туулгандыгы ж-дөгү күбөлүгүнө ата-эне катары жазылат. Асыран алууга 10 жашка толгон баланын өз макулдугу керек. Ата-энелери бар балдар үчүн алардын ата-энелеринин макулдугу талап кылынат.

БАЛА ТҮЙҮЛДҮГУ, к. *Түйүлдүк.*

БАЛАКИРЕВ Милий Алексеевич [21. 12. 1836 (2. 1. 1837) — 16(29). 5. 1910] — орус композитору, пианист, дирижёр, муз. коомдук ишмер. Новгороддо пианист А. Дюбюк м-н дирижер К. Эйзихтен окуган. Б-дин пианист ж-а дирижердук ишмердиги Петербургда башталган (1856). 60-жылдарда «Орустун жацы музыкалык мектеби», «Балакиревдин кружогу», «Кубаттуу топ» аттуу кружоктор түзгөн. 1850-жылдын акыры ж-а 60-жылдары Б-дин жемиштүү иштеген мезгили болгон. Ал «Орустун үч темасына увертюра» (1858, 2-редакциясы 1881), «1000 жыл» аттуу орустун үч темасына экинчи увертюра (1862) м-н чех увертюрасын (1867), 1-симфониясын (1864—1898) жазат (2-симфониясы 1908-ж. жазылган). Орустун эпикалык симфония жанрынын жаралышы Б-дин ысмы м-н байланыштуу. Б.— орустун оригиналдуу фортепьяно стилин жаратуучулардын бири. Орус камералык-вокалдык музыкасында Б-дин романстары м-н ырлары өзгөчө орун ээлейт.

Ад.: Балакирев. Летопись жизни и творчества. Сост. А. С. Ляпунова и Э. Э. Язовицкая, Л., 1967.

БАЛАЛАЙКА — орустун үч (мурда эки) кылдуу чертме муз. аспабы. В. В. Андреев тарабынан оркүндөтүлгөн (1880). Б. азыр орус эл аспаптар оркестринде орчундуу орун ээлейт. Б. м-н аткарылуучу бир топ муз. чыг-лар да жазылган.

БАЛАНИТ (гр. Balanos — жыныс мүчөсүнүн башы) — эркектин жыныс мүчөсүнүн башынын сезгенишин. Мүчөнүн башы учундагы тери м-н кошо сезгенет. Эркек баланын жыныс мүчөсүнүн башын тери каптап турган-дыктан, Б. балдарда көп кездешет. Б. жыныс мүчөнүн учундагы терининг тубаса бүрүк болуп кысуусунан түрдүү бактериялардын, зааранын ж. б. сакталышынан ж-а астынан сезгенүү, котон жара ж. б. оорулардын заара чыгаруучу жолдору аркылуу таралышынан пайда болот. Ага *диабет, экзема, бору жатыш* ж. б. оорулар түртүк берет. Б-те жыныс мүчөсүнүн башы шишип, териси кызарып, заара жасаганда сыздан ооруйт. Дарылоодо ванналар, антибиотиктер ж-а операция жолу колдонулат.

БАЛАНОГЛОСС (Balanoglossus) — жаныбарлардын ичегиден дем алуучулар классындагы уруусу. Денесинин уз. 2,5 *м* ге чейин. СССРдин Ак, Баренц, Япон деңиздеринде бир түрү кездешет. Б. деңиз жээктеринин кумдуу, чополуу жерлеринде жашайт. Хордалуу жаныбарлардын, анын ичинде омурткалуулардын келип чыгуу тегин аныктоодо Б-туп маанисн чоң.

БАЛАНС МЕТОДУ (анализде) — чарбалык иштеги өз ара байланышты бар көрсеткүчтөрдү салыштыруу. Бул метод м-н тийиштүү көрсеткүчтөрдүн бири бирине таасир тийгизиши аныкталып, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу резерви белгиленет. Б. м. колдонгондо салыштырылуучу көрсеткүчтөр ар кандай матем. жол м-н эсептелип, анын натыйжасында алынган бардык жыйынтык бири бирине барабар келүүгө тийиш. Бул методдун жардамы м-н алынган жыйынтыктардын бири бирине шайкеш келиши анализде өз ара байланыштуу бардык фактор эсепке алынгандыгын, алардын ортосундагы байланыш туура чагылдырылгандыгын көрсөтөт. Мис., сатылган продукциянын көлөмү өткөн жылга караганда кандайча ж-а эмне себептен өзгөргөнүн аныктоо үчүн чыгарылган, садүгүн аныктоо үчүн сатылбай калган продукциянын ортосундагы байланыш пайдаланылат. Бул метод көп учурда өндүрүш ресурстары кандай пайдаланылып жаткандыгын, эл чарбасынын финанс. абалын анализдөө үчүн кеңири колдонулат. Б. м-пун жардамы м-н бухг. баланстын статьяларын бир нече майда баланска бөлүп жиберүүгө болот. Мис., нормалануучу айланма каражаттардын балансы, дебитор ж-а кредиторлор м-н эсептешүү балансы ж. б. Акырында чарбанын финанс. абалын билүү үчүн бир нече майда баланстын негизинде жалпы таблица түзүлөт. Бул таблицанын оң жагында пландан алынган каражаттардын суммасы, сол жагында ушул каражаттардын ар кайсы багытта пайдаланылып жаткан суммасы көрсөтүлөт.

БАЛАНС НАРКЫ — бухг. баланста негизги фонду м-н айланма каражаттардын акчалай бааланышы. Б. н. өндүрүштү пландоо, өндүрүлгөн продукцияга көткен пайданы чыгаруу, амортизациялык фондуну пландоо ж-а ишкананын финансы ишинин жыйынтыгын чыгаруу үчүн колдонулат.

БАЛАНЫ ТАМАКТАНДЫРУУ — эмчектеги баланы туура тамактандыруу. Бул табигый (энесинин же башка аялдын сүтүн берүү) ж-а жасалма болуп бөлүнөт. Баланын жашоосу ж-а өсүшү үчүн эмчектин сүтүндө бардык керектүү заттар, о. эле *антигела* болгондуктан, табигый тамактандырылган балдар жугуштуу ооруларга чыдамдуу келет. Бала 1 жашка чейин эмчек эмиш керек. Энесинин сүтү жок болсо же башка себептерде (энеси ооруп калса, бала эмчекти тубаса начар сорсо, эмчектин сүтүн көтөрө албаса ж. б.) жасалма тамактандыруу колдонулат. Ал үчүн малдын (уй, эчки, кой) сүтүнөн жасалган сүт аралашмалар пайдаланылат.

БАЛАНЫН ТОНУ — эненин организми м-н түйүлдүктү байланыштыруучу орган. В. т., түйүлдүк өсө баштаганда, жатында пайда болот. Ал аркылуу түйүлдүк эненин канынан керектүү зат ж-а кычкылтек алып, зат алмашуудан пайда болгон заттар м-н көмүр кычкыл газды канга чыгарат. Б. т-нун салм. 500—600 *г,* диаметри 15—20 *см,* калыңд. 3 *см.* Б. т. түйүлдүктүн өсүшүнө керектүү гормондор м-н ферменттерди иштеп чыгарып, ички секреция бездеринин милдетин да аткарат. Б. т-нун калыптанышы 3—4 айында токтолуп, бала төрөлөргө жакын жатындан болүнүп, баладан кийин түшөт.

БАЛАСАГУН — Кырг-ндын Чүй өрөөнүнөн орун алган о. кылымга таандык шаар; адегенде караханлар, андан кийин киданлар мамлекетинин борбору. Ал ж-дөгү 1-маалыматты араб автору аль-Мукаддаси берген (10-к.). Ал Б-дун бешка шаарларын чоң ж-а эли көп болгонун баяндайт. Махмуд Кашгариинин (11-к.) сөздүгүндө бул шаарга 3 ат берилген: Баласагун, Куз-улуш ж-а Куз-орду. Улуш эле автордун картасында Б. Тараз ш-нын түштүгүнө жайгаштырылып, тоолор м-н курчалат. Ас-Самани (12-к.) ж-а Якут (13-к.) Б-ду Кашгарга жакын жерге жайгаштырат. 13-к-дагы кээ бир авторлор болсо аны

Чүй суусунун жээгине, Алмалыктан (азыркы Кулжанын жанында) Таласка кетүүчү жолдун боюна орноштурат. Махмуд Кашгаринин 11-к-га тиешелүү «Девону лугат-ит түрк» деген белгилүү сөздүгүндө Б-дун экинчи аты Гуз-Орду деп аталат, ошол эле 11-к-да орто азиялык акын Жусуп Хас Хажиб Баласагуни Б. ш-нда жашап, байыркы түрк жазма эстеликтеринин бири «Кутадгу билик» аттуу дидактикалык дастанын жазганы белгилүү. Абу-л-Фиданын эмгегинде (14-к.) бул шаардын аты кандай жазылышы ж-а астрономиялык көрсөткүчтөрү берилген. Мухаммед Хайдар (17-к) Чүй суусунун боюндагы мунара, медресе сыяктуу чоң шаардын калдыктары бар жерде имам Мухаммед Факих Баласагунинин мүрзөсүнүн үстүндөгү эстелик бар экенин эскерген. Мунед джим-Баши (17-к.) Б-ду Кашгардан алыс жерге жайгаштырып, анын астрономиялык көрсөткүчтөрүн берет. В. В. *Бартольддун* ою б-ча Б. 14-к-дагы узакка созулган өз ара согуштардын натыйжасында жок болушу ыктымал.

В. В. Бартольд м-н А. Н. *Бернштам*, о. эле илимпоздордун бир тобу тарыхый жазуу маалыматтарга ж-а археол. табылгаларга таянышып, байыркы Б. азыркы Токмок шаарынын жанындагы *Бурананын* аймагында болгон, ал эми *Ак-Бешим* шаарчасынын урандЫ калдыгы, анын бир бөлүгү деп эсептешкен. Бул пикир чындыкка жакын. Муну жаңы жүргүзүлгөн казуулар да ырастоодо.

Ад.: Бартольд В. В., Соч., т. 2, ч. 2, т. 3—5, М., 1964—68; Бернштам А. Н., Археологический очерк северной Киргизии, Фр., 1941; о ш о н у к у, Архитектурные памятники Киргизии, М.—Л., 1950.

БАЛА-САРУУ — Киров р-нундагы Покровка сельсоветине караштуу кыштак. «Талас» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кировдон 6 *км* түн. тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 35 *км*. Калкы 1915 (1973). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

БАЛАТОН КӨЛҮ — Венгриядагы Орто Дунай ойдуңундагы көл. Деңиз деңг. 105 *м* бийиктикте, тектон. чуңкурдуктан орун алган. Аянты 596 *км²*, уз. 78 *км*, туурасы 12 *км* ге чейин, орт. тереңд. 3 *м*, эң терең жери 11 *м*. Суунун темп-расы жайында 20°Сге жакын. Көлгө бир нече суулар куят, алардын ириси — Зала. Балык кармалат, кеме жүрөт. Б. к-нүн айланасындагы минералдык ж-а термалдык булактар чыккан жерде Венгриянын ири курорттору жайгашкан.

БАЛ-БАЛ — Талас р-нундагы Жерге-Тал сельсоветине караштуу кыштак. «Жерге-Тал» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Таластан 19 *км* түш. тарапта, Жамбыл станциясынан 139 *км*. Калкы 492 (1974).

БАЛБАЛДАР, таш статуялар — көчмөн түрк уруулары мүрзө үстүнө коюшкан скульптуралык эстеликтер. Алардын көпчүлүгүнө адамдын түсполун кийим-кечеси, канжары, кылычы м-н кошо берет. Адамдын бет түзүлүшүнүн сүрөтү гана түшүрүлүп, одоно сомдолуп жасалгандары да бар. Мындай таш скульптуралар Монголиядан Борб. Тянь-Шанга чейинки жерлерде кеңири тараган. Алардын көбү 6—8-к-га, кээ бирлери 9—13-к-га таандык.



Ысык-Көл өрөөнүнөн табылган балбалдардын бири.

БАЛБАС — эт, жүн, сүт берүүчү кылчык жүндүү кой породасы. Мындан бир нече кылым мурда Закавказьеде чыгарылган. Бул койдун куйругу толорсугуна чейин түшүп, экиге бөлүнүп турат; өңү ак, шыйрагында, кулагынын учунда, көзүнүн тегерегинде кара тагы бар. Кочкорунун тирүүлөй салм. 85—90 *кг*, чоңу 110 *кг*; соолугу 55—60, айрымы 75 *кг*. Сойгондо 45—50% эт берет. Кочкорунан 12 *кг* га чейин куйрук май чыгат. Ар бир койдон 2,0—3,2 *кг* жүн кыркылат, анын 50—65% — таза жүн. Бул кой тоо жайытына мыкты көнүккөн. Ал СССРде (Арм., Азерб. ССРлеринде), Иран ж-а Турцияда өстүрүлөт.

БАЛГАРТ ӨРӨӨНҮ *Ички Тянь-Шандын* Арчалуу, Кара-Каман м-н Буркан тоолорунун ортосунда, Кара-Саз, Буркан ж-а Арчалуу сууларынын төмөнкү агымында жайгашкан. Аянты 98 *км²*, уз. 45 *км*, эң кенен жери 6 *км*, орт. бийикт. 2700—2900 *м*. Чыгышында дарыя кашаттары, түштүгүндө шлейф ж-а бийик кашаттар м-н Арчалуу суусунун шиленди конустары, түндүгүндө мөңгү таштарынан пайда болгон дөңсөөлөр жатат. Борб. бөлүгү түзөң. Өрөөн гранит, кумдук, сланец тоо тектеринен түзүлгөн. Алардын үстүндө чополуу ж-а плейстоцендик шиленди катмарлар жатат. Генет. тиби б-ча өрөөн — *синклиналь-грабен*. Климаты континенттик, суук. Жылдык жаан-чачыны 250—300 *мм*. Кара-Каман, Буркан тоолору мөңгүлүү. Жылуу-Суу, Арчалуу, Жылаңач, Кара-Каман, Балгарт, Кара-Саз ж-а Буркан суулары кошулуп, Кичи-Нарынды түзөт. Б. ө-дө саз ж-а жер астындагы суулар көп. Кыртышы кумдак боз топурактуу, саз кыртыштуу. Шалбаа ж-а талаа чөптөрү өсөт. Тоо эчки, илбирс ж-а суур мекендейт.

БАЛГАРТ ТООСУ Тескей Ала-Тоосунда, түндүгүнөн Үч-Эмчек, түштүгүнөн Буркан сууларынын өрөөндөрү м-н чектешет. Жерг. эл «Төнөк-Тоо» деп да атайт. Уз. 45 *км*, туурасы 8—10 *км*, орт. бийикт. 4000 *м*. Генет. тиби — *антиклиналь-горст*. Палеозойдун кумдук, акиташ тоо тектеринен турат. Чыг. бөлүгүндө байыркы муз жылмалаган тайпаң чокулар бар. Батышка карай бийиктеп, тоо кыркаларында мөңгү жатат. Тескейи зоокалуу ж-а мөңгүлүү, майда суулар м-н тилмеленген. Күңгөй бетинде торпу ж-а цирктер бар. Б. т-на альпы шалбаасы, тоолуу тундра ж-а нивалдык ландшафттар мүнөздүү.

БАЛДАК — бүркүттү ууга алып чыкканда, аны кондурганда кол талып кетпес үчүн атайын жасалган таяныч. Б. үчүн ача таякча тандалып алынат да, анын аяккы учу көзөлүп, көк м-н ээрдин кашына же аңчынын белиндеги курга тикесинен бекитилет. Таякчанын үстүңкү ачасына бүркүт кондурулган колдун ичке билеги коюлат. Буту оорулуу адамдар таянган таякты да Б. деп коюшат.

БАЛДАР АДАБИЯТЫ — атайын балдарга арналып жазылган адабий чыгармалар. Б. а. балдардын жаш айырмачылыктарына жараша шарттуу түрдө бөбөктөр, тестиерлер, өспүрүмдөр үчүн болуп бөлүнөт. Булардын ар биринин турмуш таануу, аңдап билүү өзгөчөлүктөрүнө жараша окуялар, каармандар ар башка формада сүрөттөлөт. Б. а. идеялык-тематикалык жактан кенен болот. Чыгарма кайсы жаш куракка арналып жазылбасын, андагы материалдар балдардын өз дүйнөсүнөн да, чоң кишилер дүйнөсүнөн да алына берет. Балдар үчүн жазылган чыгарманын тили жөнөкөй, түшүнүктүү, элестүү ж-а бай болуусу керек. Б. а. балдарды сөз маданияты м-н тааныштырат. Дүйнөлүк Б. а-нын тарыхында А. С. Пушкиндин жомоктору, И. А. Крыловдун тамсилдери, Д. Дефонун «Робинзон Крузо» романы балдардын сүйүктүү китептеринен. Х. К. Андерсендин, агаини Я. ж-а В. Гриммдердин жомоктору, М. Твендин повесттери ж. б. чыгармалар да кеңири белгилүү. Б. а-нын көздөгөн максаты, алдына койгон милдети болот.

Сов. Б. а. жаш муундарды кичинесинен турмушту туура таанытат, айлана-чөйрөгө көз-карашын тереңдетип, ата журтка, элине болгон чексиз сүйүүсүн арттырат; соц. эмгекке, түркүн өнөргө шыктантат, жоопкерчиликтүү чоң иштерди аткарууга даярдайт, адамгерчиликтүү асыл сапаттарга, коммунисттик жүрүм-турумга тарбиялайт ж-а балдарды көркөм сезиминин өсүшүн шарттайт. Сов. Б. а. көп улуттуу. Алардын ар биринин өз алдынча өсүш жолу, тарыхы бар. В. В. Маяковский, К. И. Чуковский, С. Я. Маршак, М. Ильин, А. П. Гайдар, В. П. Катаев, С. В. Михалков, А. А. Кассиль өңдүү жазуучулардын

балдар үчүн жазган чыгармалары дүйнөгө белгилүү. Кыргыз Б. а. совет мезгилинде жаралды, к. *Кыргыз балдар адабияты*.

Ад.: Горький М., О детской литературе М., 1958; Крупская Н. К., О детской литературе и детском чтении, М., 1954.

БАЛДАР АЯНТЧАСЫ — балдардын ойноп, эс алышы үчүн атайы жасалгаланган жай. Мектептердин, пионер үйлөрүнүн, үй башкармаларынын алдында, шаардык парктарда, скверлерде, бульварларда, колхоз-совхоздо болот. Б. а. мектепке чейинки ж-а мектеп жашындагы балдарга ылайыкталып жасалат. Балдарды тарбиялоо иштерин мугалимдер, пионер вожатыйлар, тарбиячылар, ата-энелер комитетинин мүчөлөрү, жог. класстардын окуучулары жүргүзөт.

БАЛДАР БАКЧАСЫ — мектеп жашына чейинки балдарга коомдук тарбия берүүчү мекеме. Б. б. көп өлкөлөрдө бар, алар — элге билим берүүдөгү алгачкы баскыч. Б. б. Россияда 19-к-дын 60-жылдарында уюштурула баштаган. Совет бийлигинин тушунда Б. б. массалык мекеме катары уюштурулуп, коомчулуктун активдүү колдоосу м-н кеңири өнүктү. КПССтин Программасында мектеп жашына чейинки балдар мекемелеринин тармактарын дагы көбөйтүү милдети коюлган. СССРде 1972-ж. Б. б-да 9,9 млн. бала тарбияланган. Б. б-да 3—7 жаштагы балдар тарбияланат. Алар жаш өзгөчөлүктөрүнө карай 4 топко (кенже — 4, орто — 5, жогорку — 6, мектепке даярдоо — 7 жаш) бөлүнөт. Б. б-да пед. орто ж-а жог. билими бар тажрыйбалуу тарбиячылар иштейт. Кырг-нда 1-жолу Б. б. 1918-ж. 18-сентябрда Каракол ш-да (азыр Пржевальск) уюштурулган. 1945-ж. респ-ка б-ча 205 Б. б-да 14 580 бала тарбияланган. 1974-ж. 1-январда анын саны 713кө жетип, 87,7 миң бала тарбияланды.



Фрунзе шаарындагы сүт комбинаттын № 27 балдар бакчасында старший группанын балдары көчө кыймылынын эрежелерин үйрөнүүдө.

БАЛДАР КИНОСУ — бөбөктөргө, тестиерлерге, жаш өспүрүмдөргө арналган мультипликациялык, хроникалуу-документтик, көркөм фильмдер. Б. к-нун жанры ар түрдүү, мазмуну ж-а көркөмдүк формасы балдардын ой жүгүртүүсүнө ылайыкталып тартылат. Б. к-нун башкы каармандары да көбүнчө балдар болот. Сов. Б. к. дүйнөдө 1-орунда турат. Москвадагы М. Горький атн. киностудия балдар ж-а өспүрүмдөр үчүн атайын кинофильмдер чыгарат. 1962-ж-дан баштап «Кыргызфильм» ж-а «Кыргызтелефильм» студиялары да балдарга арналган фильмдерди чыгарууда. 1962-ж. «Космонавттар көчөсү» (реж. Рошаль-Строева), 1969-ж. «Кумдагы сепилдер» (реж. А. Видугирис ж-а Я. Бронштейн), 1972-ж. «Көз айнекчен» (реж. А. Видугирис), 1973-ж. «Атадан калган тулк» (реж. Э. Уразбаев) ж. б.

БАЛДАР КИТЕПКАНАСЫ (СССРде) — балдарга коммунисттик тарбия берүүгө, окуучуларга илим негиздерин терең өздөштүрүүгө, китеп окуу мад-тын үйрөнүүгө көмөк көрсөтүүчү мектептен тышкаркы мекеме. Б. к. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңишине чейин Россиянын айрым ири шаарларында гана болсо, Совет бийлигинин жылдарында бардык жерлерде уюшулду. Б. к-нын фондусу окурмандардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу м-н түзүлүп, анда коомдук-саясий, көркөм, ил. популярдуу ад-ттар, газеталар, журналдар ж. б. болот. Б. к. Кырг-нда 30-жылдарда уюшула баштаган. Борборубуздагы М. В. Фрунзе атн. шаардык Б. к. 1932-ж. ачылган. 1954-ж. Фрунзе облаткомунун чечими б-ча Фрунзе обл. Б. к. түзүлүп, ал 1958-ж. респ-калык Б. к-сына айланды.

«БАЛДАР КИТЕПТЕРИНИН ЖУМАЛЫГЫ» — СССРдеги мектептерде жазгы каникул учурунда жыл сайын өткөрүлүүчү салттуу китеп майрамы. «Б. к. ж.» 1-жолу 1944-ж. Москва, Ленинград ш-ларында Балдар адабиятынын мамл. басмасы ж-а ВЦСПСтин демилгеси б-ча өткөрүлгөн. Азыр мектептерде, китепканаларда, клубдарда, пионер дворецтеринде, театрларда китеп окуучулардын конф-ялары, жазуучулар, журналисттер, артисттер, иск-во ишмерлери ж. б. м-н жолугушуу кечелери жүргүзүлөт. «Б. к. ж-да» балдар жазуучуларынын чыг-ларынын көргөзмөсү, монтаждар, стенддер, витриналар даярдалат.

БАЛДАР КОНКУРСТАРЫ ЖАНА ОЛИМПИАДАЛАРЫ — илим, ад-т, иск-во тармактары б-ча белгилүү бир тапшырмаларды мыкты аткаруу үчүн жүргүзүлүүчү мелдеш. Булар класстан (мектептен) тышкары массалык иштердин өзүнчө бир түрү болуп, окуучулардын жекече кызыгуусун, шыгын билүү максатын көздөйт; жеткинчектер м-н өспүрүмдөрдүн шык-жөндөмүн байкоого мүмкүнчүлүк түзөт, алардын келечекте каалаган кесибин тандап алуусуна жардам берет. Б. к. ж-а о. предметтик, көркөм, тех. чыг-лык, өз крайын таануу, жаш натуралисттик, туристтик, спорттук темаларда, о. эле дубал газеталарды чыгаруу б-ча өткөрүлөт. Алар мектептик, райондук же шаардык, областтык ж-а респ-калык болот. Аларды өткөрүү шарттарын элге билим берүү органдары бекитет.

БАЛДАР КОНСУЛЬТАЦИЯСЫ — балдарга мед. жардам көрсөтүүчү, дарылоо-профилактикалык иштерди жүргүзүүчү мекеме. СССРде Б. к. м-н балдар поликлиникасы ж-а балдар ооруканасы бириктирилген (1949—50). Кээ бир жерлерде өзүнчө мекеме. Б. к-нын негизги милдети: балдарды туура тарбиялоо, алардын денесин чыңдоо б-ча кеңеш берүү, сүт ашканаларын уюштуруу. Балдар өлүмүн кескин кыскартуу ж-а түрдүү жугуштуу оорулардын алдын алуу б-ча да Б. к. иш жүргүзөт. Врач-педиатр ж-а үйгө барып жардам берүүчү сестра участкалык принципте иштейт (1 участок 1000 баланы тейлейт). Бир жашка жете элек ж-а ооруган балдарды врач м-н сестра үйлөрүнө барып көрүп турат. Б. к-да дени таза ж-а оору балдар өз-өзүнчө кабыл алынат. Б. к. *кептөөр, көк жөтөл, чечек, кызамык, шал* ж. б. жугуштуу ооруларга каршы 14 жашка чейинки балдарды эмдеп, энелер м-н сан. пропаганда иштерин жүргүзөт.

БАЛДАР МУЗЫКАСЫ — балдарга арналып чыгарылган музыка. Б. м. үчүн жазылган чыг-лар сюжетинин ачык-айкындыгы, кызыктуу мазмуну, образдуу баяндалышы (айтылышы) м-н айырмаланат. Мында балдардын муз. деңгээли көркөм кабылдоо мүмкүнчүлүгү, жаш өзгөчөлүгү эске алынат. Б. м. балдардын аткаруучулук мүмкүнчүлүгүнө да ылайыкталат. Атактуу композиторлордун дээрлик баары балдар үчүн чыг-лар жазууга дайыма көңүл бурушкан. Мис., Чайковский, Брамс, Лядов, Прокофьевдер бул жанрда классикалык чыг-ларды калтырышкан. Балдар ырлары музыка өнөрүндө айрыкча өөрчүдү. Азыр балдар театрларында коюлган оюндарда, балдар кинофильмдеринде, радиокомпозицияларда Б. м. эң чоң орунду ээлейт. Кыргыздын «Бешик ыры», «Торпогум», «Каркыра-Турна», азыркы учурдагы кыргыз композиторлору А. Малдыбаевдин «Мына минтип», «Жылдызым», М. Абдраевдин «Достук үн менен», «Мектебим» ж. б. балдар ырлары кыргыз Б. м-нын улуттук кенчине айланды.

БАЛДАР ООРУЛАРЫ — көбүнчө же жалаң гана балдарда кездешүүчү оорулардын тобу. Б. о. баланын өсүү өзгөчөлүктөрүнө ж-а жашына байланыштуу. Боюнда бар аялдын түрдүү ооруларга чалдыгышы ж-а туура эмес тамактанышы бала түйүлдүгүнүн өсүшүнө таасирин тийгизет. Ара төрөлгөн ж-а төрөттөн жабыркаган балдар өзгөчө багууну талап кылат. Жаңы төрөлгөн баланын денеси ысык-суукту көтөрө албайт, ошондуктан тез сезгенет. Эмчектеги балдардын ичеги-карынынан бөлүнүп чыгуучу ферменттердин жетишсиздигинен ж-а тамактандыруу режиминин бузулушунан ич өткөк *(диспепсия)* оорусу; таза аба ж-а күндүн нурунун жетишсиздигинен *итий* пайда бо-

лот. Ясли ж-а мектеп жашындагы балдарда жугуштуу оорулар (*кызамык, көк жөтөл, суу чечек, кептөөр*) көп учурайт. Ушул жаштагы балдарда ар кандай ооруларга каршы тубаса иммунитеттин жоголгон мезгили болот. Иммунитетти пайда кылуу үчүн түрдүү эмдөөлөр жүргүзүлөт. Өспүрүмдөрдө кээ бир жугуштуу оорулар, көбүнчө тамагынан сезгенүү, *кызыл жүгүрүк* көп учурайт. Өспүрүмдөрдүн нерв, жүрөк-кан тамыр системаларынын ж-а ички секреция бездеринин туруксуздугуна байланыштуу алардын ишинин бузулушу кездешет. Б. о. балдардын жашына, өсүү мезгилине ж-а организминин ооруга каршылык көрсөтүүсүнө жараша болот.

БАЛДАР ПАРКТАРЫ ЖАНА ШААРЧАЛАРЫ — балдарды тарбиялоо ж-а алардын саламаттыгын чыңдоо үчүн түзүлгөн мектептен тышкаркы мекемелер. Биринчи жолу Москвадагы А. М. Горький атн. Борб. мад-т ж-а эс алуу паркынын алдында (1928) уюштурулган. 1930-жылдан өлкөбүздүн көптөгөн шаарларында түзүлө баштаган. Б. п. ж. ш. мектепке чейинки ж-а мектептен тышкаркы мекемелер, коомдук уюмдар м-н бирдикте массалык иштерди жүргүзөт.

БАЛДАР ПСИХОЛОГИЯСЫ — баланын психол. өсүш закондорун ж-а анын жөндөмдүүлүгүн үйрөнүүчү психологиянын тармагы. Б. п. окуу-тарбиянын практикалык маселелерин, пед. м-н философиянын теориялык маселелерин иштеп чыгууда мааниси зор. Б. п. 19-к-дын ортосунда жалпы психологиядан бөлүнүп, өз алдынча илим катарында өнүгө баштады. Анын бөлүнүп чыгышы пед. практиканын өсүшүнө ж-а Ч. Дарвиндин эволюция теориясына, психол. изилдөөлөрдүн объективдүү методдорун иштеп чыгарууга байланыштуу болгон. Бул мезгилде, мис., балдардын психикасынын өнүгүшү ж-дө 1-болуп немец физиологу В. Прейердун эмгеги чыккан. 20-к-дын башында Э. Мейман, К. Бюлер, Ж. Пиаженин Б. п-сы ж-дөгү эмгектери пайда болот. Бирок бул изилдөөлөрдүн бардыгы идеалисттик негизде болгон. СССРде диалек. материализмдин принциптерине негизделген чыныгы илимий Б. п. Окт. рев-ясынан кийин өнүгө баштады. Сов. Б. п. баланын духовный жөндөмдүүлүгү сан жагынан гана эмес, сапат жагынан да өнүгөт деген жобого негизделет. Баланын өсүшүн сапат жагынан айырмалай турган бир канча баскычтар бар (*ымыркай* — төрөлгөндөн бирге чейин, *наристе* — бирден үчкө чейин, *мектепке чейинки курак* — үчтөн жетиге чейин, *жеткинчек* — 7 жаштан 10го чейин, *өспүрүм* — 10дон—15ке чейин, *боз бала* — 15—18 жашка чейин). Азыркы кездеги Б. п-нын ил. негизин И. П. Павловдун жог. нерв системасынын иш-аракети ж-дөгү окуусу түзөт.

БАЛДАР ТЕАТРЫ — репертуарын, негизинен, жаш балдар ж-а өспүрүмдөргө арнаган профессионалдык театр. Б. т-нын репертуарын жаш балдарды, өспүрүмдөрдү идеялык ж-а эстет. жактан тарбиялоочу спектаклдер түзөт. Б. т. Кырг-нда 1936-ж. уюштурулган. Анын уюштуруучусу ж-а директору О. *Сарбагышев* болгон. Алгачкы жолу Гоголдун «Үйлөнүү» комедиясы коюлган. Ал 1941-ж. жаңыдан уюшулган Кыргыз мамл. драма театрына кошулган.

БАЛДАР ТЕМИР ЖОЛУ — балдарды т. ж. транспортуна кызыктыруу, аларды т. ж. техникасы ж-а кыймылды башкаруу м-н тааныштыруу максатында СССРдеги балдар үчүн атайын жабдылган кууш колеялуу темир жол. Б. т. ж-н түзүү — КПССтин ж-а Совет өкмөтүнүн балдарды ар тараптан өнүктүрүү үчүн көргөн камкордуктарынын бири. Биринчи Б. т. ж. 1935-ж. Тбилисиде курулган, азыр алардын саны СССРде 20дан ашык. Бул т. ж-догу паровоз, вагон, станциядагы курулуштар ж-а жабдуулар кадимки т. ж-догудан кичирээк өлчөмдө жасалып, тех. жаңы приборлор м-н жабдылат. Жолду 5—10-класстардын 11—17 жаштагы окуучулары тейлешип, жайкы каникул мезгилинде алар тажрыйбалуу инструкторлор м-н педагогдордун жетекчилиги астында т. ж. транспортунун тарыхы м-н таанышат, жүрүүнүн графиктерин түзүшөт ж-а поезд айдашат. Б. т. ж. парт. ж-а чарб. уюмдардын жардамы м-н комсомолдун демилгеси б-ча уюштурулат.

БАЛДАР ТУРИЗМИ — окуучулардын өз крайын таануу, ден соолугун чыңдоо, мектептеги окуган геогр., табият таануу, тарых ж. б. сабактары б-ча алган билимдерин турмуш м-н байланышта өздөштүрүү максатын көздөгөн чара. 1918-ж. РСФСР Эл Агартуу Комиссариаты мектеп окуучулары м-н каникул учурунда иш жүргүзүү б-ча мектептик-экскурсиялык бюро түзгөн. 1932-ж. балдардын борб. экскурсиялык-туристтик станциясы уюшулган. 1959-ж. Фрунзеде балдардын экскурсиялык-туристтик станциясы иштей баштаган. 1972—73-окуу жылында 265 миңден ашык бала экскурсиялык-туристтик жүрүштөрдө болду. Станциянын филиалдары 1965-ж. Жалал-Абад (кийин Ошко көчүрүлгөн), 1970-ж. Талас, 1972-ж. Пржевальск, 1974-ж. Нарын ш-ларында ачылган.

БАЛДАР ҮЙҮ — СССРде ата-энесиз же алар м-н байланышы үзүлгөн балдарды ж-а тарбиялоого шарты жок (оорулуу, ата-энелик укугунан ажыраган, жалгыз бой ж. б.) үй-бүлөнүн балдарын тарбиялоочу мамл. мекеме. Алгачкы Б. үйлөрү 1918-ж. түзүлгөн. Кырг-нда Б. үйүнүн мектепке чейинки (3—7 жаш) ж-а мектеп жашындагы (7—18 жаш) түрү бар. Б. ү. мектеп м-н бирдикте коммунисттик духта тарбиялоонун, балдарды бардык жактан өстүрүүнүн милдеттерин чечип, аларды өз алдынча жашоого, иштөөгө даярдайт. Бул бардык пед. иштерди мектеп м-н тыгыз байланышта жүргүзөт. Б. ү. Гражд. ж-а Улуу Ата Мек. согуштарынын жылдарында ата-энесинен ажыраган балдарды тарбиялоодо зор роль ойногон. Кийинки жылдарда Б. ү. мектеп-интернатка айландырылды. Азыркы учурда респ-када мектепке чейинки 3, мектеп жашындагы 3 Б. ү. иштейт.

БАЛДАР ЫРЫ, к. *Балдар музыкасы.*

БАЛДАР ЯСЛИСИ — 2—3 айлыктан 3 жашка чейинки балдарды тарбиялоого арналган коомдук мекеме. Б. я. балдардын акыл-эс, дене түзүлүшү жактан бир калыпта өсүшүнө, тарбияланышына шарт түзүп, алардын ден соолугун чыңдоо м-н катар энелердин ар түрдүү чарб., маданий ж-а коомдук жумуштарга катышууларына мүмкүндүк берет. Алгачкы Б. я. Россияда (Петербург, Москва ж. б.) ж-а Европанын бир катар өлкөлөрүндө 19-к-да уюштурула баштаган. 1913-ж. Россияда 893 орундук 19 Б. я. болгон. Окт. рев-ясынан кийин Б. я. тез көбөйүп, 1929-ж. СССРде дайыма иштөөчү 52,4 миң орундуу Б. я. иштеген. 1974-ж. 1-январда Кырг-нда 109 Б. я-да 9167 бала тарбияланган.

БАЛДАРДЫ КОРГООНУН ЭЛ АРАЛЫК КҮНҮ — балдарды согуш коркунучунан коргоо, ден соолугун сактоо, аларга демокр. негизде тарбия, билим берүүнү иш жүзүнө ашыруу үчүн күрөшкөн дүйн. коомчулуктун ой-пикирин багыттоонун, жумшоонун күнү. Аны 1949-ж. Москвада болуп өткөн Аялдардын эл аралык демокр. федерациясынын Советинин 2-конгрессинин чечимине ылайык жыл сайын 1-июнда өткөрүү белгиленген. Бул күн 1-жолу 1950-ж. 51 өлкөдө өткөрүлгөн. Кийин дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө белгиленип жатат. Капит. мамлекеттерде бул күн аялдардын, жаштардын эл аралык демокр. уюмдары сыяктуу балдардын жашоо шарттарын жакшыртуу, мектептерди, балдар мекемелерин ачуу үчүн өкмөткө петиция тапшыруу, митингилер, жыйналыштар, демонстрациялар уюштуруу м-н өтөт.

БАЛДАРДЫН ЖАНА ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ГИГИЕНАСЫ — гигиенанын балдардын организмине сырткы чөйрөнүн ар түрлүү факторлорунун тийгизген таасирин изилдөөчү, алардын денесинин чың болушун ж-а акылынын өсүшүн камсыз кылуучу, жашоого ылайыкталган айлана-чөйрөсүнө карата гигиеналык талаптарды ж-а нормативдерди иштеп чыгуучу бир бөлүгү. СССРде бул гигиена төрөлгөндөн чоңойгонго чейинки мезгилдеги балдардын биол. ж-а социалдык факторлордун таасири м-н өсүү ж-а өнүгүү процесстерин изилдейт. Балдардын күндөлүк режими, окуу ж-а эмгек гигиенасынын нормаларын иштеп чыгат. Бул гигиенанын негизги

проблемалары төмөнкүлөр: балдардын ж-а өспүрүмдөрдүн мекемелерин пландоо, куруу принциптери, атайын жабдуулар м-н камсыз кылуу, денени тарбиялоонун гигиеналык негиздери, балдардын тамактануусун уюштуруу иштери ж. б.

БАЛДАРДЫН ЖАНА ӨСПҮРҮМДӨРДҮН СПОРТТУК МЕКТЕПТЕРИ — СССРде жог. квалификациялуу жаш спортсмендерди, о. эле мектептер м-н пионер уюмдары үчүн *дене тарбия* ж-а спорт б-ча коомдук физкультура активисттерин даярдоочу мектептен тышкаркы атайын спорттук мекемелер. Мындай мектептер комплекстүү (спорттун бир канча түрү б-ча) же адистештирилген (спорттун бир гана түрү б-ча) болуп бөлүнөт ж-а СССР эл агартуу мин-восунун, о. эле союздук респ-калардын элге билим берүү мин-волорунун системаларында түзүлөт да, 8—14 жаштагы спортко жөндөмдүү балдар ж-а өспүрүмдөр кабыл алынат. СССРде 1971-ж. 3818 мектепте 1,3 млн., Кырг-нда 1974-ж. 59 мектепте 30 миңден ашык бала окуган.

БАЛДАРДЫН ЖАШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ — баланын жашына таандык анат.-физиол. ж-а психол. өзгөчөлүктөр. Балдардын бул өзгөчөлүктөрүн билүү ж-а үйрөнүү окуу-тарбия ишин туура жолго коюуга, алардын дене түзүлүшүнүн, акыл-сезиминин туура өсүшүнө көмөк берет. Балдардын боюнун, салмагынын өзгөрүү процесси бир калыпта болбойт: кээде бою жай өсүп, салмагы артат же тескерисинче болуп да калат. Баланын жаш өзгөчөлүгүнө карай шарттуу түрдө *ымыркай* (төрөлгөндөн 1 жашка чейин), *наристе* (1—3 жаш), *мектепке чейинки* (3—7 жаш), *жеткинчек* (7—10 жаш), *өспүрүм* (10—15 жаш), *боз балалык* (15—18 жаш) мезгилге бөлүнөт. Б. ж. ө. алардын тез өсүшүнө карай өзгөрүп турушу мүмкүн.

БАЛДАРДЫН ЖУГУШТУУ ООРУЛАРЫ, к. *Жугуштуу оорулар.*

БАЛДАРДЫН КҮНДӨЛҮК РЕЖИМИ — балдардын бир суткадагы оюнун, иш-аракетин, эс алуусун туура уюштуруу. Б. к. р. алардын анат.-физиол. жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу м-н түзүлөт. Режим б-ча балдар уйкусу канганча (10—12 *с*) уктоо керек. 3—6 жаштагы балдардын эртең мененки тамактануудан кийинки убактысы сүрөт тартуу, кесүү, чаптоо ж. б. м-н өтөт. 7 жаштан тартып, мектеп окуучулары сабактарын окуудан, үй тапшырмаларын аткаруудан кийин мектептеги түрдүү кружокторго катышат. Б. к. р-де сабактан кийин 2—3 *с* дем алуу, таза абада болуу, уктоо убактысы да көрсөтүлөт. Мектеп окуучуларынын режиминде сабакка даярдануу, эс алуу, уктоо убактылары жаш өзгөчөлүктөрүнө, сабак өтүүнүн сменасына жараша түзүлөт.

БАЛДАРДЫН КЫЛМЫШТУУЛУГУ — жашы жетпегендердин коомго коркунучтуу аракети. Кылмыштын бул түрү бурж. мамл-терге тиешелүү. Жумушсуздуктан, келечекке ишенбөөчүлүктөн, билим алуу кыйынчылыктарынан улам Б. к. капит. өлкөлөрдө жылдан-жылга өсүүдө. Мис., АКШда 1948—56-ж-дын ичинде бойго жете электердин жалпы саны 16%ке көбөйсө, ошол жаштагылардын сотко түшкөн кылмыш иштеринин саны 70%ке өскөн, 1956—65-ж-да ал 2 эсеге көбөйгөн. Соц. коомдо Б. к-нун түпкү себептери жоюлган. Ошентсе да эскинин саркындыларынан, үй-бүлөдө натуура тарбиялануудан, аракеттердин терс таасиринен ж-а кылмышкерлердин азгыруусунан улам соц. өлкөлөрдө да Б. к. биротоло жоюла элек. Соц. коомдо коом мүчөлөрүнүн турмушун, мад-тын, сезимталдуулугун тынымсыз жогорулатуу жолдору м-н Б. к-н жоюуга толук негиз бар экендиги КПССтин Программасында ачык көрсөтүлгөн. Аларды иш жүзүнө ашыруу үчүн СССРде бойго жетпегендердин иштери б-ча комиссиялар иштейт. Алар Б. к-н азайтуу б-ча ар кандай тарбиялык иштерди жүргүзүп жатат.

БАЛДАРДЫН ӨЗДҮК КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ — балдардын көркөм чыг-лыкка шыгын ж-а жөндөмүн өстүрүү үчүн иск-вонун ар түрдүү тармактары (ыр-хор, музыка, бий, сүрөтчүлүк, театр өнөрү ж. б.) б-ча уюштурулган класстан ж-а мектептен тышкаркы иштер. Мындай көркөм чыг-лыкты уюштуруунун мазмуну, методу ж-а формасы ар түрдүү. Алар мектепте, пионерлер үйү м-н дворецинде, мад-т үйүнүн ж-а жумушчулар клубунун балдар секторлорунда уюштурулат. Б. ө. к. ч-нын ийгиликтери майрамдарда, даталуу күндөрдө, кечелерде, чыг-лык конкурстарда ж-а фестивалдарда, радио берүүдө, теле көрсөтүүдө ж. б. кеңири көрсөтүлөт.



Чолпон-Ата балдар музыкалык мектебинин окуучулары.

БАЛДАРДЫН ӨЛҮМҮ — бир жашка чейинки өлгөн балдардын бир жыл ичинде тирүү төрөлгөн балдарга карата саны. Б. ө.— элдин табигый кыймылынын статистикалык көрсөткүчтөрүнүн бир түрү. Аны өлгөн балдардын санын жүз же миң тирүү төрөлгөндөргө карата эсептейт. Б. ө. элдин мад-тына, турмуш деңгээлине, мед. жактан тейлөөнүн сапатына байланыштуу. СССРде элдин мад-ты ж-а турмуш деңгээли жакшыргандыктан, Б. ө. жыл сайын азаюуда. 1950-ж. СССРде Б. ө. миң тирүү төрөлгөн балага 81 болсо, 1972-ж. 24кө чейин азайды.

БАЛДАРДЫН ТЕХНИКАЛЫК ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ — политех. окуунун ж-а кесиптик багыт берүүнүн негизги каражаттарынын бири. Ал балдардын техникага кызыгуусун арттырып, чыг-чыл ж-а ойлоп тапкыч жөндөмдүүлүгүн, тех. ойлоосун өнүктүрөт, ил. деңгээлин жогорулатат. Б. т. ч. көбүнчө модель, прибор, механизм, жөнөкөй машина өңдүү тех. объектилерди конструкциялоодон көрүнөт. Б. т. ч. класстан тышкаркы окууларда ж-а мектептен тышкаркы мекемелерде (жаш техниктердин станцияларында ж-а клубдарында, пионер үйлөрүндө ж. б.), о. эле эмгекке үйрөнүү ж-а башка предметтик сабактарда ишке ашырылат. Б. т. ч. 4 негизги этаптан турат: тех. маселени алдыга коюу, зарыл маалыматтарды жыйнап үйрөнүү, маселени чыгаруу жолун издөө, чыг-чыл ниетти ишке ашыруу. Б. т. ч-н уюштуруунун эң эле кеңири таралган формасы — тех. кружок. Б. т. ч. СССРде массалык түрдө 20-ж-дарда өнүгө баштайт. 1967-ж-дан тартып системалуу түрдө өткөрүлүүчү жаштардын тех. чыгармачылыгынын кароолорунун составдык бөлүгүн Б. т. ч. түзөт. Бардык союздук респ-ка, край ж-а областтардын борборлорунда жыл сайын Б. т. ч. б-ча көргөзмөлөр өткөрүлөт, жакшы жумуштар СССРдин ВДНХсында экспонат катары көрсөтүлөт, ар түрдүү сыйлыктар м-н сыйланат. Б. т. ч. биздин өлкөнүн жеткинчектерин келечекте өндүрүштө, илимде, техникада чыг-чыл эмгектенүүгө көнүктүрүп, алардын чыг-чылык жөндөмүн өнүктүрөт. Биздеги атактуу ойлоп чыгаруучулардын, рационализаторлордун, өндүрүштүн новаторлорунун, конструкторлордун, илимпоздордун көбү өз учурунда дал ошол Б. т. ч. аркылуу даярдалып өтүшкөн.

БАЛДАРДЫН ТӨРӨТТӨ ЖАБЫРКАШЫ — баланын төрөлүп жаткан учурда жапа чегиши. Буга төрөттүн өтө тез же өтө кеч жүрүшү, жатындагы баланы курчап турган суу эрте агып кетип, бала «кургак» төрөлүшү, баланын жатында туура эмес жатышы ж. б. себеп болот. О. эле ара же чоң төрөлгөн балдар да жабыркоого дуушар болот. Төрөт убагында баланын ар кайсы жери жабыркап, көбүнчө башы, акырек сөөгү, буту-колу сынышы мүмкүн. Айрыкча баланын мээси м-н жүлүнү жабыркаса коркунучтуу. Төрөт жолу аркылуу өтүп бара жаткан баланын башы катуу кысылуудан мээге же мээ кабыкчаларына кан агуу пайда болушу мүмкүн. Мээ жабыркаганда, демейде асфиксиянын белгилери байкалат. Мындай

учурда баланын өлүп же өмүр бою майып болуп калышы мүмкүн. Б. т. ж-нан сактануу үчүн кычкылтектин жетиштүү болушун камсыз кылуу зарыл. Б. т. ж-н дарылоо: балада жабыркоо белгилери билинө баштагандан тартып энеге тынч шарт түзүү, кальций, «К» витамини ж-а денени тырыштыруудан сактоочу дарыларды берүү чаралары колдонулат.

БАЛДАРДЫН ШАЛ ООРУСУ, полиомиелит (гр. polios — боз ж-а myelos — мээ), Гейне-Медин оорусу — көбүнчө нерв системасын жабыркатуучу катуу кармама жугуштуу оору. Немец врачы Я. Гейне (1840) 1-жолу ачып, швед врачы О. Медин (1890) оорунун эпидемиялык мүнөзүн ж-а таралышын аныктаган. Көбүнчө 2—4 жаштагы балдар ооруйт. Ооруну *вирустар* козгойт. Мээнин ткандарына оору козгоочу вирус — кан лимфа дем алуу, тамак сиңирүү жолдору аркылуу тарайт. Оорунун козгогучу эң оболу мээни, айрыкча жүлүндү жабыркаткандыктан, балдардын оозу-мурду кыйшайып, колу-буту шал болот. Дарылоодо витамин, глюкоза, гаммаглобулин, ооруну басаңдатуучу дарылар м-н бирдикте физиотерапия колдонулат. Б. ш. о-нун алдын алуу үчүн балдарга эки айлыгынан баштап вакцина м-н эмдөө жүргүзүлөт.

БАЛДУУ ӨСҮМДҮКТӨР — гүлүнөн бал аарысы гүл ширесин ж-а чаңчалар жыйноочу өсүмдүктөр тобу. Кээ бир Б. ө. (чие, кипрей) жабышкак заттуу болот. Аары ал затты мом ж-а чаңчалардын кабыгындагы бальзамдуу заттар м-н аралаштырып, бал челектин жаракаларын бүтөө үчүн, суук түшкөндө уюгундагы көзөнөктөрдү кичирейтиш үчүн жумшалуучу желим затты (прополис) даярдайт. Өсүмдүктөр өздөрүн чаңдаштыруучу чымын-чиркейлерди гүл ширеси м-н өзүнө тартат. Алардын бул жөндөмдүүлүгү тарыхый процессте пайда болгон. СССРде 1000 түрдөн ашуун Б. ө. бар, бирок аарылар алардын баарынан эле бал жыйнабайт. Гүл ширесине бай өсүмдүктөр: акация, зараң, жийде, чырганак, тал, жемиш бактар ж-а бадалдар, катраң, кашка беде, кычы, жалбыз, каакым, күн карама, пахта, эспарцет ж. б. Балчылыкта колдо өстүрүлгөн Б. ө-дүн (күн карама, пахта, эспарцет, жемиш бактар ж-а бадалдар) мааниси чоң.

БАЛДЫЗ — аялынын бир тууган же жакын (туугандыгы б-ча) сиңдилери.

БАЛЕАР АРАЛДАРЫ — Жер Ортолук деңизинин бат. бөлүгүндөгү аралдардын тобу. Мальорка, Менорка а-дарынан ж-а Питиус архипелагынан турат. Бул аралдар Испаниянын Балеарес провинциясын түзөт. Аянты 5 миң $км^2$, калкы 510,9 миң (1969). Админ. борбору ж-а негизги порту — Пальма. Жеринин бети ойдуңдуу ж-а дөңсөөлүү. Климаты жер ортолук деңиздик, жылдык жаан-чачыны 600 *мм*. Таш эмен, кызыл карагай, маквис, кодогой пальма ж-а гаррига бадалдары өсөт. Балыкчылык өнүккөн.

БАЛЕТ (фр. ballet, итал. balletto, лат. ballo — бийлейм) — мазмунун муз. бий образдары аркылуу туюнта турган сахна өнөрүнүн бир түрү. «Б.» термини негизинен 16—19-к-да чыгып, адегенде европ. Б-ке карата айтылып, 20-к-да Чыгыш бий оюндарын туюнтуу үчүн да айтыла баштаган. Европада Б. *Кайра жаралуу* доорунда пайда болгон. 14-к-дын аягында карапайым элдик бийден театрлаштырылган бий бөлүнүп чыккан. Биринчи балеттик спектакль Италияда 15—16-к-да, Францияда 16-к-дын 2-жарымында (Б. Бальтазаринин «Королеванын комедия балети», 1581) жаралган. Бул учурда бий али музыка м-н сөздөн ажырай элек болчу. 17-к-дын аягында Б. спектаклинин тематикасын ж-а формасын тартипке келтирүүчү атайын канондор м-н театр бийлеринин үлгүлөрү иштелип чыккан. Б. 18-к-да Англия, Австрияда, кийинчерээк Францияда өз алдынча сценалык өнөр катары толук калыптанган. Россияда 1730-жылдан тартып Б. оюндары үзгүлтүксүз коюла баштайт. Хильфердинг, Анджолинилер классикалык багыттагы пантомималуу Б-терди киргизишет. 18—19-к-дын ортосунда И. И. Вальберх сентиментализмдин стилине жакын спектаклдерди («Жаңы Вертер») коёт. Франция м-н Россиядагы Б. өнөрүнүн табылгалары романтикалуу Б-тин жаралышын шарттайт. Бара-бара бийдин жаңы түрлөрү, аялдардын аяк учу м-н бийлеши пайда болот. Ушул багыттагы балеттик спектаклдердин бири — Ж. Перро койгон Адандын «Жизель» балети (1841).

Б. 19—20-к-да алдыңкы өлкөлөрдө улуттук мад-ттын өнүккөн түрүнө айланат. 19-к-дын 2-жарымында романтизмдин иск-водон сүрүлүп чыга башташына байланыштуу Европада Б. өнөрү төмөндөп кетет. Мындай көрүнүш Россияга анча мүнөздүү болгон жок. Алсак, М. И. Петипа койгон алгачкы Б. спектаклдери белгилүү өлчөмдө мурдагы учурларга мүнөздүү сюжеттик бүтүндүктү сактап калды. Андан нары монументтүү Б. спектаклинин эстетикасы калыптанды: сценалык фабула пантомималык сценаларда берилип, чыг-нын негизги идеясы Б. ансамблдеринин зор жалпыланган образын жарата баштады. Композитор-симфониячылардын Б. театрына келиши абдан маанилүү көрүнүш болгон. Мис., Петипа койгон П. И Чайковскийдин «Уйкудагы сулуу» (1890), А. К. Глазуновдун «Раймонда» (1898), Л. И. Иванов м-н Петипа койгон П. И. Чайковскийдин «Щелкунчик» (1892) Б-теринде музыкадагы ойлор м-н сезимдер бий аркылуу жалпыланып туюнтулган. 20-к-дын башында М. М. *Фокин* м-н А. А. Горский Б. өнөрүн жаңы ачылыштар м-н байытты. Орус бийчилери А. П. *Павлова*, В. Ф. Нижинский, Т. П. Карсавина (Петербург), Е. В. Гельцер, М. М. Мордкин, В. Д. Тихомировдор Б. өнөрүнүн өркүндөшүнө зор үлүш кошту. 20-к-дагы орус бий өнөрү Англия, Францияда Б-тин кайра гүлдөшүнө, АКШда болсо Б-тин жаралышына өз таасирин тийгизди. Сов. Б. Окт. рев-ясынан кийин өткөндүн салттарын байытып, жаңы бийиктикке көтөрүлдү. Соц. реализм принциптери Б-те тарыхый чындык, элдүүлүк, рев-ялык пафос талаптарын, алдыңкы катарга чыгарды. Совет бийлиги жылдарында жаралган Б. В. Асафьевдин («Париж жалыны», «Бахчисарай фонтаны»), Р. М. Глиэрдин («Кызыл гүл»), А. И. Хачатуряндын («Гаянэ», «Спартак»), С. С. Прокофьевдин («Ромео жана Джульетта»), А. А. Крейндин «Лауренсия»), К. А. Караевдин («Жети сулуу») Б-тери совет иск-восунун атагын дүйнөгө чыгарды. СССРде 30-жылдарда союздук респ-каларда Б. театрлары пайда боло баштайт. Өткөндө профессионал Б. гана эмес, бийи да жок элдердин Б-ти түзүлдү.

Кырг-нда бий өнөрү классикалык бийдин системасын өздөштүрүү, ал турмушун ж-а үрп-адатын үйрөнүү негизинде келип чыккан. Кыргыздын туңгуч Б. бийлери 1937-ж. «Алтын кыз» муз. драмасында ж-а «Айчүрөк» операсында (1939, балетмейстер Н. С. Холфин) көрсөтүлгөн. «Анар» балети (1940) — кыргыздын улуттук Б. өнөрүнүн саамалыгы. Кыргыз Б-тинин жаралышы Н. С. Холфиндин ысмы м-н байланыштуу. М. Раухвергердин «Чолпон» балети (балетмейстерлер: Л. М. Крамаревский, 1944; Н. Түгелов, 1958) зор чыг-лык жеңиш болуп, Сов. Союзуна ж-а чет мамлтерге таанылды. Кыргыз опера ж-а балет театрынын сахнасында орус, европ. ж-а сов. классикалык Б-тер да көп коюлду. А. Я. Ваганова атн. Ленинграддагы хореографиялык окуу жайынан тарбияланган: Ж. Арзыгулова, Б. Бейшеналиева, У. Сарбагышев, Ч. Жаманова, Р. Чокоева, Б. Алымбаев ж. б. кыргыз Б-нин өсүшүнө зор салым кошту. Балетмейстерлердин улуттук кадрлары (Н. Түголов, Э. Мадемилова, У. Сарбагышев, С. Абдужалилов) өсүп чыкты.

СССРде 40 опера ж-а балет театры (1970), Б-тин мамл. 16 окуу жайы, бир нече студиялар, элдик театрлар бар. Бий мугалимдерин ж-а балетмейстерлерди Москвадагы А. Луначарский атн. мамл. театр ин-ту, Ленинграддагы Н. Римский-Корсаков атн. консерватория, Кырг-нда М. Күрөңкеев атн. муз.-хореографиялык окуу жайы даярдайт.

Ад.: Абдраев М., Алагушев Б., Октябрдын нуру менен, Фр., 1966; Худеков С. Н., История танцев, т. 1—4, СПБ, 1913—17; Ваганова А. Я., Основы классического балета, Л.—М., 1948; Слонимский Ю. И., Советский балет..., М.—Л., 1950; Львов Н., Киргизский театр, М., 1953.

БАЛЕТМЕЙСТЕР — балетти, бийди, хореографиялык номерлерди коюучу адам. Б. сахнада көркөм образды ж-а спектаклдин идеясын көрсөтүүчү кыймыл-аракеттин системасын түзүп, хореографиялык партияны ар бир актёр ж-а бүт коллектив м-н бирге иштеп чыгат.

БАЛЕТТИК СЦЕНАРИЙ, к. *Либретто.*

БАЛЖУУРАН, к. *Ышкын.*

БАЛИМАНОВ Жабай (1893—6. 8. 1966) — Өзбек ССРинин Бухара обл-нын Тамды р-нундагы «Ак-Тоо» к-зунун (азыркы Балиманов Жабай атн.) ст. чабаны, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1951, 1958). Б. 1957-ж. ар 100 тубар койдон 132ден, 1963-ж. 170тен козу, 1957-ж. 94%, 1963-ж. 89,2% 1-сорттогу кара көл көрпөлөрүн алган. Өзбек ССР Жог. Советинин 4-шайл. депутаты. 3 Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЛКА — 1) байыртадан бери колдонулуп келген урма кол аспап. Б. темирден жасалып, жыгач сапталат. Бардык усталарга керектүүсүн чоң Б., зергерлер узануучусун теке Б., чалгы чыңдоочунукун чалгы Б., өтүкчүлөр, такачылар колдонгонун кичине Б. деп аташкан. 2) Жумуш жасоочу аспабы алга умтулма кыймылда болгон урма аракеттүү кол машина. Б. жалпайтып уруучу, дөшүлүк, көзөөчтүк, уруп түшүрмө, тазарткыч ж. б. болуп айырмаланат ж-а жыгач уста иштеринде кеңири колдонулат.

БАЛКАН АНТАНТАСЫ — биринчи дүйн. согуштан кийинки кырдаалга карата Балканда күчтөрдү бирдей деңгээлде сактап туруу максатында Румыния, Югославия, Греция ж-а Турциянын 1934-ж. 9-февралда Афиныда түзгөн союзу. Б. а. Түш.-Чыг. Европада өзүнүн таасирин андан ары күчөтүүнү каалаган. Франциянын башкаруучу чөйрөлөрүнүн демилгеси м-н түзүлгөн. Аны түзүү ж-догу договордо ага катышкан мамлекеттердин Балкандагы чек арасынын коопсуздугун өз ара гарантиялоо ж-а алардын бирине кол салынып калса, өз ара жардамдашуу да каралган. Ал түзүлгөндөн көп узабай Германия м-н Италия өнөктөштөрдүн ортосундагы олуттуу карама-каршылыктардан пайдаланышып, Б. а. өлкөлөрүндөгү фашисттештирилген топторго таянып, Балканда Франциянын таасирин олуттуу түрдө начарлатып, өз позицияларын чыңдашкан. 1939—1945-жылдардагы 2-дүйн. согуш Б. а-н таркатты.

БАЛКАН ЖАРЫМ АРАЛЫ — Түш. Европадагы жарым арал. Аянты 505 миң $км^2$, түндүктөн түштүккө 950 *км*, чыгыштан батышка 1260 *км* созулуп, Адрия, Кара, Мрамор, Эгей деңиздери м-н курчалган. Түн. чеги Дунай ж-а анын куймасы Сава м-н, андан ары Триест булуңуна өтөт. Б. ж. а-да Болгария, Югославиянын көп жери, Албания, Греция, Румыниянын түш., Турциянын бат. райондору, Италиянын түн.-чыг. бөлүгү орун алган. Жээктери өтө тилмеленген, жардуу, майда бухталуу. Адрия, Эгей деңиздеринде аралдардын жалпы аянты 21,5 миң $км^2$ ге жакын. Жери тоолуу, бат. жээгин бойлой Динар бөксө тоосу, түн.-чыгышында Пирин, Рила (эң бийик чокусу — Мусала, 2925 *м*), Родоп, Стара-Планина, түштүгүндө Пинд тоолору м-н уланат. Тоолор арасында ж-а чет жакаларында ойдуңдар (Фракия, Салоник, Фессалия, Төмөнкү Дунай ж. б.) жатат. Геол. түзүлүшү жагынан Альпы бүктөлүүсүнө кирет. Мезозой, палеогендин карбонат тоо тектеринин негизинде рельефте карст формалары кеңири таркалган. Борб. ж-а түн. бөлүгүнүн климаты мелүүн континенттик, калган бөлүктөрү жер ортолук деңиздик, субтропиктик. Июлдун орт. темп-расы түндүгүндө 23°C, түштүгүндө 25—27°C, январда —1°C, —2°Сден 8—11°Сге чейин. Жылдык жаан-чачын батышында 1000—1500 *мм* (Котор бухтасында 5000 *мм* ге чейин), чыг. ж-а түштүгүндө 1000 *мм*, кээ бир жерлеринде 500 *мм* ден ашпайт. Ири дарыялары: Марица, Морава, Искыр ж-а чет жагында Дунай, Сава. Ири көлдөрү: Шкодер (Скадар), Охрид ж-а Пресна. Б. ж. а-нын түштүгү — субтропиктик күрөң ж-а тоолуу күрөң, түндүгү тоолуу-токой, боз топурактуу. Дунайдын түздүктөрүндө — кара топурак. Өсүмдүктөрдүн 6,5 миң түрү өсөт, анын 27% эндемиктер. Деңизге жакын жерлеринде дайыма көгөрүп туруучу аралаш токойлор ж-а бадалдар (маквис); кургакыраак бөлүктөрүндө кышкысын жалбырагы түшүүчү токойлор ж-а бадалдар (шибляк) өсөт. Жаныбарлары: бугу, элик, каман, серна, аюу, чөө, түлкү, кундуз ж. б. Анда сойлоочулар да бар. Б. ж. а.— Евразия материгиндеги өтө кооз, курорту (Дубровник, Варна ж. б.), субтропиктик чарбасы (цитрус, маслина, тамеки ж. б.) бар, деңиз катнашы жакшы өнүккөн жерлердин бири.

БАЛКАН КОММУНИСТТИК ФЕДЕРАЦИЯСЫ (БКФ) 1910-ж. адегенде Балкан с.-д. федерациясы (Болгария, Сербия, Румыния ж-а Грециянын с.-д. партиялары) болуп негизделип, 1919-ж. Коминтернди түзүүгө катышкан. 1920-ж. БКФ деп аталып, Коминтернге кошулган. БКФ Балканда реакциянын чабуул коюшуна каршы, компартиялардын ачык иштөөсү, пролетариат ж. б. прогрессчил күчтөрдүн биримдик фронтун ж-а жумушчу-дыйкан респ-каларынын Балкан федерациясын түзүү үчүн күрөшкөн. «Федерасьон балканик» деген бир нече тилде атайын журнал чыгарган. БКФ Коминтерндин жетекчилиги м-н Балкан өлкөлөрүнүн компартияларын түзүү ж-а чыңдоо үчүн көп иш аткарган. 30-жылдардын башында фашизмдин чабуул коюшунан ж-а дүйн. согуштун чыгуу коркунучунун күчөшүнөн улам компартиялардын алдында пайда болгон жаңы милдеттерге байланыштуу БКФ өз ишин токтоткон.

БАЛКАН ПАКТЫСЫ — Турция, Греция ж-а Югославиянын согуштук саясий союзу. Бул пакт аталган мамлекеттердин достугу ж-а кызматташуусу ж-догу (1953-ж. 28-февр., Анкара), саясий жактан кызматташуу ж-а өз ара жардамдашуу ж-догу (1954-ж. 9-авг., Югославия, Блед ш.) келишиминин негизинде 20 жылдык мөөнөткө түзүлгөн. 1949-ж. Турция м-н Греция Түн. Атлантикалык пактыга кошулат; Турция СЕНТОго да мүчө болот. Б. п-нын мүчөлөрү тынч кезде аскердик иш ж-а саясий жагынан кызматташууга, согуш мезгилинде куралдуу күчтөрү м-н да өз ара жардамдашууга милдеттенишкен. Б. п-нын жетекчи органы — Туруктуу совет. Союзга кирген өлкөлөрдүн ич ара карама-каршылыктарынын ырбашынан улам 1955-жылдын аягынан бери Б. п. кризиске учурап келе жатат.

БАЛКАН СОГУШТАРЫ (1912—13). Биринчи Б. с. (1912-ж. 9-окт.—1913-ж. 30-май) — *Балкан союзуна (1912)* кирген мамлекеттердин балкан элдерин кулдандырган Осмон империясына каршы согушу. Аны баштоого Турциянын Македония м-н Фракияга автономия берүүдөн баш тартуусу шылтоо болду. 1912-ж. 8-октябрда Черногория Турцияга согуш жарыялаган. Болгария, Сербия, Греция согушка 18-октябрда кирип, Турцияны *Лондон тынчтык договорун* түзүүгө (1913-ж. май) мажбур кылышты. Турция ал договор б-ча Европадагы ээлеген бардык жерлеринен ажырады. Биринчи Б. с-нун прогрессчил да мүнөзү болгон. Ал Албаниянын көз каранды эместикке жетишүүсүн тездеткен. Экинчи Б. с. (1913-ж. 29-июнь—10-авг.) — 1-тараптан Болгариянын, 2-тараптан Сербия, Черногория, Греция, Румыния ж-а Турциянын ортосундагы согуш. Биринчи Б. с. б-ча союздаштардын ортосундагы карама-каршылыктын ырбашынан улам чыккан (к. *Балкан союзу 1912).* Болгар аскерлери Македониядагы сербиялык, грециялык аскерлерге 30-июнда капилеттен кол салды. Согушту баштагандар 29-июлда багынууга мажбур болду. Мунун натыйжасында 1913-ж. *Бухарест тынчтык договору* түзүлүп, ага ылайык Болгария Македониядагы, Фракиядагы жерлеринен гана эмес, Түш. Добруджадан да ажырап калды. Константинополь договору б-ча Адрианополду Турцияга калтырууга мажбур болду. Экинчи Б. с. *Үчтүк союздан* (1882) Румыниянын чыгып кетишине ж-а *Антантага* жакындашуусуна жардам берди. Болгария Австрия — Германия блогу тарапка өттү. Б. с. эл аралык мамилелерди андан ары курчутуп, 1-дүйн. согуштун чыгышын тездетти.

БАЛКАН СОЮЗУ (1912) — Болгария, Сербия, Греция ж-а Черногориянын Турцияга, иш жүзүндө Австрия — Венгрияга каршы багытталган согуштук-саясий союзу. 1912-ж. бир катар

договорлор, согуштук конвенциялар ж-а келишимдер м-н толукталган Б. с. Россиянын активдүү колдоосу м-н түзүлүп, Россия бул союздун жардамы м-н Австрия-Венгриянын ж-а Германиянын Балканга келишине тоскоол кылууга умтулган. Б. с-н түзүү идеясын Англ. м-н Франциянын өкмөттөрү да жактырышкан. 1912-ж. октябрда Б. с-нун мамлекеттери Турцияга каршы согуш баштапып, тез эле жеңишке жетишкен. Бул жеңиштен кийин Сербиянын, Грециянын ж-а Болгариянын ортосунда Македонияны бөлүштүрүүдөн келип чыккан чыр-чатактар мурдагы союздаштардын араздашуусуна ж-а Б. с-нун ыдырап бузулушуна, алардын өз ара согушуна (1913) алып келди, к. *Балкан согуштары (1912—13)*.

БАЛКАРЛАР (өздөрүн таулу, малкъарлы — деп аташат) — көбүнчө Кабардин-Балкар АССРинин түштүгүндө ж-а түш.-батышында жашаган эл. Элинин саны 60 миң (1970). Б-дын бир азы Кыргыз ж-а Казак ССРлеринде бар. Карачай-балкар тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендери — мусулман. Б-дын келип чыгышы ж-дө маалымат али толукталып бүтө элек. Рев-яга чейин Б. негизинен көчмөн турмушта жашап, мал баккан, дыйканчылык көмөкчү чарба болгон. Совет бийлигинин жылдарында Б. улуттук автономияга ээ болуп, ө. ж., а. ч-сы өнүгүп, мад-ты гүлдөдү, жазмасы пайда болуп, улуттук интеллигенциясы түзүлдү. 1943-жылдын аягында соц. закондуулук бузулгандыктан, Б. О. Азияга ж-а Каз-нга көчүрүлгөн. 1957-ж. СССР Жог. Советинин Президиумунун Указы б-ча балкар элинин улуттук автономиясы калыбына келтирилип, Б. кайра өз жерине көчүп келишти.

БАЛКАШ — Казак ССРинин чыг. бөлүгүндөгү Балкаш — Ала-Көл өрөөнүнөн орун алган көл. Деңиз деңг. 340 *м* бийиктикте. Аянты 17—22 миң *км²*, уз. 605 *км*, туурасы чыгышында 9—19 *км*, батышында 74 *км*. Суусунун көлөмү 112 *км³*. Эң терең жери 26 *м*. Алабынын аянты 501 миң *км²*ге жакын. Батышынан Иле д-сы, чыгышынан Кара-Тал, Ак-Суу, Лепсы ж. б. майда суулар куят. Көл жээгинде булуңдар ж-а бухталар көп. Эң ири аралдары: Баш-Арал ж-а Таш-Арал. Көл аймагынын климаты чөлдүү. Июлдун орт. темп-расы 28°С, январдыкы — 8°С. Жылдык жаан-чачын 120 *мм*, орт. жылдык буулануусу 950—1200 *мм*. Б. ноябрдын аягында тоңуп, апрелдин орто ченинде ачылат. Көл бат. ж-а чыг. болуп бөлүнөт. Суунун туздуулугу — батышында 0,74 *г/л*, чыгышында 5,21 *г/л*. Балыктын 20 түрү бар: балкаш көк чаары, окунь, чаар ж-а бир түстүү губач, гольян, каңылтыр, судак ж. б. Башкы пристандары: Бурылбайтал, Бурултөбө. Кеме жүрөт.

БАЛКАШ — Казак ССРинин Караганды обл-дагы шаар. Балкаш көлүнүн түп. жээгиндеги пристань ж-а т. ж. станциясы. Калкы 75,9 миң (1970). Түстүү металлургиянын ири борбору. Жез эритүү комбинаты, дарыя кемелерин, курал-жабдык оңдоочу ишканалар, эт, балык консерва комбинаттары; балык чарба ил. из. ин-ту, Караганды политех. ин-тунун кечки ф-тети, химия-металлургиялык техникум, мед. окуу жайы, Казак ССР ИАнын ботан. багы бар.

БАЛКАШ — АЛА-КӨЛ ӨРӨӨНҮ — Казак ССРинин чыгышында деңиз деңг. 342—600 *м* бийиктиктеги жалпак ойдуң. Түп.-батышын Балкаш көлү, чыг. жагын Сасык-Көл ж-а Ала-Көл, түштүгүн Тоо-Кум, Сары-Эшик аймагы, Моюн-Кум ж. б. кум массивдери ээлейт. Ойдуңдун көпчүлүк бөлүгү олигоценге чейинки бүгүлүүдөн пайда болуп, неоген ж-а антропогендик кумдуу агынды чөкмөгө толгон. Өсүмдүктөрүнөн сексеол, терискен, шыбак, шор жерлерде баялыч ж. б., дарыя бойлорунда калың камыш, тал, жийде өсөт. Климаты кургак, кескин континенттик, жылдык жаан-чачыны 135—200 *мм*.

БАЛКЫБЕКОВА Сайрагүл (1922-ж. т., Тянь-Шань р-ну, Эчки-Башы кыш.) — Кыргыз ССР эл артисти (1970). Актёрлук иши 1939-ж. Нарын драма театрынан башталган. 1946—48-ж. Кыргыз драма театрынын, 1949—52-ж. Пржевальскидеги Ысык-Көл обл. драма театрынын, 1952-жылдан бери Кыргыз мамл. драма театрынын артисти. Аткарган негизги роддору:



С. Балкыбекова. Зулайканын ролунда. Ш. Садыбакасовдун «Ак боз ат» пьесасы.

Айганыш (К. Жантөшев, «Курманбек»), Жаңыл (К. Маликов, А. Куттубаев, «Жаңыл»), Жыпаргүл (Т. Абдумомунов, «Атабектин кызы»), Жер-Эне (Ч. Айтматов, «Саманчынын жолу»), Кручинина (А. Н. Островский, «Күнөөсүз күнөөлүүлөр»), Регана (У. Шекспир, «Король Лир»), Анна (Л. Толстой, «Анна Каренина») ж. б. Б. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЛЛ (фр. balle — шар, топ) — 1) кубулуштун деңгээлин же күчүн анык тай турган шарттуу белги (мис., шамалдын ылдамдыгы, жер титирөө ж. б.); 2) окуучулардын окуу материалдарын өздөштүрүүсүн ж-а жүрүш-турушун баалай турган цифралык белги (баа). Сов. мектептерде цифралык 5 Б-дуу система б-ча окуучулардын жетишкендиктерине баа коюу 1944-ж. кабыл алынган: 5 — «эң жакшы», 4 — «жакшы», 3 — «орто», 2 — «жаман», 1 — «эң жаман». Ар түрдүү өлкөлөрдө ар башка цифралык Б-дуу системалар бар. Мис., Италияда — 11, Франция лицейлеринде — 20, Нидерландыда — 10 ж. б.

БАЛЛАДА (фр. ballade; лат. ballo — бийлеймин) — түрдүү поэтикалык ж-а муз. жанрлардын аты. О. кылымда роман элдеринин поэзиясында элдик бий м-н кошо аткарылуучу лирикалык хор ырлары Б. деп аталган. 13-к-да француз, италия профессионал поэзиясында Б. кеңири тараган жанрга айланган. 14—15-к-дарда сюжетсиз лирикалык ырлар да, о. кылымдык Англияда тарыхый, фантастикалык, драмалык мазмундагы элдик сюжеттүү ырлар да Б. деле берген. Б. сентиментализм, романтизм, неоромантизм учурунда поэзиянын барктуу жанрларынан болгон (Р. Бёрнс, К. Колридж, У. Блейк, Р. Киплинг — Англияда; Германияда — Г. Бюргер, Ф. Шиллер, Г. Гейне). 19-к-да орус поэзиясында В. А. Жуковский Б. жаза баштаган. Аны А. С. Пушкин, М. Ю. Лермонтов, А. К. Толстойлор да жазышкан. Сов. поэзияда Н. С. Тихонов, Э. Багрицкий ж. б. акындардын белгилүү Б-лары бар.

Б. романтизм поэзиясынын доорунда профессионал муз. жанры катары келип чыккан. Вокалдык Б. жанры Германияда, Австрияда Ф. Шуберт, Р. Шуман, Й. Брамс ж-а Г. Вольфтун романтикалык чыг-ларында өнүгөт. Б. жанры фортепьяно үчүн жазылган чыг-ларда да жолугат. Сов. музыкада Б. көп учурда баатырдык ж-а баатырдык-эпикалык жанр катары өөрчүдү. Мис., С. С. Прокофьевдин «Белгисиз бойдон калууну эңсеген бала жөнүндө баллада», А. Бабажаняндын (фортепьяно м-н оркестр үчүн жазылган) «Баатырдык балладасы» ж. б.

Ад.: Панкратова В., Баллада, М., 1963.

БАЛМУХАНОВ Саим Балуан уулу (1922-ж. т.) — Казак ССР ИАнын акад. (1967). Казак ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1961), мед. илимд. доктору (1959), проф. (1960). 1950-жылдан КПССтин мүчөсү. Алматы мамл. мед. ин-тун бүтүргөн (1943). Улуу Ата Мек. согушка катышкан (1943—45). Казак ССР ИАнын Хирургия ин-тунун аспиранты (1946—49), Алматы мамл. мед. ин-тунун рентгенология ж-а радиология кафедрасынын башчысы (1953—60), респ-кадагы Патология ин-тунун (1960—62), онкология ж-а радиология ин-тунун (1962—70) директорунун орун басары. 1970-жылдан ошол ин-ттун директору. Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЛТА — эмгек куралы. Сабына жарыш миздүү, жазы (10—15 *см*), калың уңгулуу келип, болоттон жасалат.

Анын сапталуучу тешигинин уңгу жагы кең, миз жагы кууш. Б-нын ак балта, *кара балта, ай балта* деген түрлөрү болот. Ак Б. отун кесүүгө, жарууга ж-а устачылык кылууга колдонулат. Бул курал *палеолит доорунда* эле пайда болуп, адегенде таштан, колодон, кийин темирден жасалган. Б-нын сабы кармоого оңтой, чабууга эптүү, уз. 40—60 *см*. Ак Б. куралы кыргыздарга орустардан келген. Ошондуктан аны адегенде орус Б. деп да аташкан.

БАЛТА ЖУТАР (Gypaëtus barbatus) — жорусарга кирүүчү жырткыч канаттуу. Салм. 5—7 *кг*. Канатынын жайгандагы жазылыгы 2,64 *м*. Тырмактары мукур, тумшугу курч, төшү ж-а боору агыш, жону каралжын. Б. ж. Түш. Америка, Европа, Аравияда, Орто ж-а Борб. Азия тоолорунда таралган. Кырг-нда анын 1 түрчөсү — G. b. hemachalanus Hutton бийик толуу жерлерде кездешет. Ал башка жорулардай эле кайберендин тарпы көп жерлерде учурайт. Уясын бийик аскаларга салат. Марттын 2-жарымында 1—2 жумуртка тууйт. Б. ж. балапанын жеген тамагын кулгуп берип азыктандырат. Алар жаныбарлардын тарпын жеп, жер бетин тазалап, пайда келтирет.

БАЛТА ТУМШУК (Coccothraustes coccothraustes) — таранчы сымалдар түркүмүнүн мукурлар тукумундагы канаттуу. Денесинин уз. 18—23 *см*. Тумшугу жумуру ж-а күчтүү. Алкымы, көздөрү м-н тумшугунун айланасы кара. Евразия материгинин түш. жарымындагы токойлуу жерлерде жашайт. Кырг-ндын түштүгүндөгү жаңгак токойлордо, о. эле Алай — Түркстан тоолорунун арчалуу беттеринде уялайт, анча-мынчасы кыштап калат. Күрөң чаар көгүш келген 4—5 жумуртка тууйт. Б. т. шилби, карагат, алча сыяктуу бадалдардын ж-а бактардын мөмөлөрүн, уруктарын жейт.

БАЛТАБАЕВ Мукаш Руставлетович (1921-ж. т., Кочкор р-ну, Кочкор кыш.) — сов. педагог, пед. илимд. доктору (1974), СССР педагогика ИАнын мүчө-корр. (1968). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Фрунзедеги рабфакты бүтүргөн (1939). 1940—47-ж. Сов. Армиянын катарында болгон. Тбилиси мамл. пед. ин-тунда (1948—51) сырттан окуп, ГССРинин Гардабан р-нунун Ново-Ульяновск сегиз жылдык мектебинде мугалимдик кылган. 1951-ж. Кырг-нга келип, КМПИни 1952-ж. сырттан окуп бүтүргөн. 1951—52-ж. Чүй орто мектебинин директору, 1953—55-ж. Кырг-н КП БКнын инструктору, 1955—56-ж. Кыргыз ССР эл агартуу мин-восунун кадрлар бөлүмүнүн ж-а жог. окуу жайларынын начальниги, 1956—59-ж. Фрунзе обл. эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1959—65-ж. Кыргыз ССР элге билим берүү мин-восунун мектептер башкармасынын начальниги. 1965—66-ж. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунун проректору, 1966-жылдан КМУнун пед. кафедрасынын башчысы, 1975-жылдан проректору. Б. негизинен жалпы орто билим берүүнүн ил. пед. проблемаларын изилдейт. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Кыргыз ССРинде жалпы орто билим берүүнүн кээ бир проблемалары, Фр., 1970; Жаштардын билиминин жана маданиятынын деңгээлин жогорулатуу—социалдык педагогикалык проблема, «Коммунист», 1975, № 5; Всеобщее обучение и вопросы перестройки советской школы в Киргизии, Фр., 1964; Русский язык в школах Киргизии, «Народное образование», 1965, № 12; Вопросы преодоления второгодничества в школах Киргизии, Фр., 1966.

БАЛТА-КАЗЫ — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Бек-Абад сельсоветине караштуу кыштак. «Эркин» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Сузактан 12 *км* түш.-чыг. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 12 *км*. Калкы 1500 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, кинотеатр, медпункт бар.

БАЛТИКА БОЮ ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОНУ — СССРдин Балтика деңизинин жээгиндеги ири экон. район. Түш.-батышынан Польша, түш.-чыгышынан БССРи, чыгышынан Түн.-Бат. экон. району м-н чектешет. Составына Эстония, Латвия, Литва ССРлери ж-а РСФСРдин Калининград обл. кирет. Аянты 189 миң *км²*, калкы 7,6 млн. (1970). Калктын 59,7% шаарларда турушат. Райондун калкынын көбү литвалыктар (36%), латыштар (22%) ж-а эстондор (15%). Балтика боюндагы р-ндордо орустар (17%), поляктар (4,8%), белорустар (1,7%) ж. б. калктар жашашат. Орт. жышт. 1 *км²*ге 40 киши. Климаты мелүүн. Январдын орт. темп-расы жээк боюнда 2,4—4°С, чыгышында 7°С. Июлдуку 15—18°С. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү 600—800 *мм*. Кен байлыктарынан күйүүчү сланец, чым көң, фосфорит, курулушка керектүү акиташ, мрамор казып алынат. Сов. Союзунда казып алынуучу күйүүчү сланецтин $^3/_4$, электр кыймылдаткычтын $^1/_{10}$, электр поезд вагондорунун $^1/_5$ бөлүгүн, металл иштетүүчү станоктордун 9,4%, радиоприемник м-н радиолалардын 23,8%, казгдын 8,1%, балыктын 14%, тоң майдын 9,4%ин берет. Ө. ж-нын баш кы тармактарынын бири — машина куруу. Ригада телефон аппаратын, радиоприемник, электрондук эсептөө машинасын, телевизор ж-а чакан автобус жасоочу; Таллинде радиоприемник, кеме оңдоочу; Вильнюста, Каунаста металл кесүүчү станок жасоочу з-ддор бар. Балык иштетүү з-ддору Калининград, Рига, Таллин, Клайпедада. Балтика бою өлкөдөгү өндүрүлүүчү а. ч. продукциясынын 4,5%ин берет. А. ч-сынын негизги тармагы — мал чарбачылыгы, ал а. ч-да өндүрүлгөн товардык продукциянын 94%ин, анын ичинен сүт 33,1%, уй эти 26,8%, чочко эти 24,9%ин түзөт. Район түрдүү транспорттор м-н жакшы камсыз болгон. Т. ж. уз. 7 миң *км*, шоссе жолдору 90 миң *км*.



С. Балкыбекова.



М. Балтабаев.

Кеме жүрүүчү дарыя жолдору 2,1 миң *км*.

БАЛТИКА ДЕҢИЗИ (кийинки лат. mare Balticum, байыркы славянча — Варяг деңизи) — Атлантика океанынын Европа материгине терең кирип жаткан деңизи. СССР, ПЭР, ГДР, ГФР, Дания, Швеция ж-а Финляндия өлкөлөрү м-н чектешет. Аянты 386 миң *км²*. Орт. тереңд. 71 *м*, суунун орт. көлөмү 22 миң *км³*. Түш. ж-а түш.-чыг. жээктери ойдуңдуу, кумдуу. Түн. жээктери бийик аскалуу. Жээктери булуң буйткалуу, бухталары көп. Ири булуңдары: Ботния, Фин, Рига, Курш, Гдань бухтасы, Щецин ж. б. Ири аралдары: Готланд, Борнхольм, Сарема, Муху, Хиума, Эланд, Рюген ж. б. Б. д-не Нева, Бат. Двина, Неман, Виола, Одра ж. б. д-лар куят. Климаты деңиздик мелүүн. Атлантика океанынан соккон циклондордун таасиринен күчтүү толкундар болуп турат. Абанын темп-расы ар түрдүү: түштүгүндө январда — 1,1°С, июлда 17,5°С; борб. бөлүгүндө — 2,3°С, июлда 16,5°С. Жылдык орт. жаан-чачын түндүгүндө 500 *мм*, түштүгүндө 600 *мм*, кээ бир райондордо 1000 *мм*. Суунун үстүңкү катмарынын темп-расы ар түрдүү, августта Фин булуңунда 15°С, 17°С; Ботния булуңунда 9°С, 13°С, деңиздин борб. бөлүгүндө 14°С, 18°С, түштүгүндө 20°С. Кысыктардан алыстаган сайын туздуулугу 11‰ ден 6—8‰ге чейин азаят. Ноябрда Ботния булуңунун түн. жээгин муз каптап, борб. бөлүгү тоңбойт. Балыктын сельдь, камбала, треска ж. б. түрлөрү бар. Балык уулоо б-ча СССР, Польша, ГДР, ГФР, Дания, Швеция, Финляндия мамл-тери үчүн мааниси өтө чоң. Б. д. аркылуу бул аты аталган мамлекеттер соода жүргүзөт. Ири порттору: Ленинград, Таллин, Рига, Калининград (СССР), Гданьск, Гдыня, Щецин (Польша), Росток-Варнемюнде (ГДР), Любек, Киль (ГФР), Копенгаген (Дания), Мальме, Стокгольм, Сундсваль, Лулео (Швеция), Турку, Хельсинки, Котка (Финляндия).

Ад.: Егорьева А. В., Балтийское море, М., 1961; Зенкевич Л. А., Биология морей СССР, М., 1963; Соскин И. М., Многолетние изменения гидрологических характеристик Балтийского моря, Л., 1963.

БАЛТИКА ДӨҢСӨӨСҮ — Балтика деңизин бойлой жаткан морепалык адыр-кудурлуу тилке. Даниядан, ГФР, ГДР, Польша аркылуу Бат. Двинага чейин созулуп жатат.

Уз. 1500 *км* ге жакын, туурасы 80—90 *км*, бийикт. 200—300 *м*. Көлдөр өтө көп (ирилери: Мюриц, Снярдвы, Мамры). Аралаш ж-а жазы жалбырактуу токой каптап жатат. Суу ороондору Б. д-н Мекленбург, Поморск, Мазурск дөңсөөлөрүнө бөлөт. Рельефинин көпчүлүк формалары соңку плейстоцен муз доорунда пайда болгон.

БАЛТИКА КАЛКАНЫ — Чыг. Европа платформасынын түп.-бат. тарабындагы кембрийге чейинки мезгилде бүктөлүүгө дуушар болгон *фундаментин* жер бетине чыгып жаткан аймагы. Карел АССРнин, Мурманск ж-а Ленинград обл-тарынын бат. бөлүктөрүн, Финляндия ж-а Швециянын аймактарын ээлейт. Б. к. архей м-н протерозой замандарынын метаморфизмделген ж-а татаал өзгөрүүлөргө, бүктөлүүлөргө учураган гнейс, кристаллдуу сланецтер сыяктуу тоо тек катмарларынан турат. Б. к-нда темир (Швециянын Гренгесберг р-нунда, СССРде Оленегорск, Ковдор), жез-никель (СССРдеги Печенга р-нунда) ж-а апатит (СССРде Хибин) кендери бар.

БАЛТИКА ФЛОТУ — жог. оперативдик бирикме, СССР АДФтын бөлүгү. 1700—21-жылдардагы Түн. согуштун жүрүшүндө Петр I нин демилгеси ж-а жетекчилиги м-н түзүлгөн. 1703-ж. Б. ф-нун базасы — Кроншлот (азыр Кронштадт) негизделген. 1704-ж. Петербургда Адмиралтейск верфинин курулушу башталып, ал Россияда кеме куруунун борбору болуп калат. 19-к-дын акырында Б. ф-нун составында 250дөн ашык бардык типтеги кемелер болгон. Б. ф-нун биринчи бронддолгон эскадрасына көрүнүктүү окумуштуу ж-а флотоводец адм. Г. И. Бутаков командачылык кылган. 19-к-дын башында Б. ф-да рев-чыл кыймыл пайда боло баштап, балтикалыктар 1905—07-жылдагы рев-яга активдүү катышат. 1904—05-ж. орус-япон согушунда Б. ф-нан эскадралар түзүлүп, Балтикадан Япон деңизине чейин барып, согуш тарыхында теңдеши жок эрдикти көрсөттү. 1915-ж. Кронштадтта Б. ф-нун большевиктер уюмунун борбору түзүлдү. Балтикалыктар петрограддык жумушчу-кызыл гвардиячылар м-н бирдикте Окт. куралдуу көтөрүлүшүнө активдүү катышты. Улуу Окт. рев-ясы жеңгенден кийин, алар гражд. согушта баатырларча күрөштү. 30-жылдары Б. ф. Түп. ж-а Тынч океан флотун түзүүнүн базасы болду. Сов.-финл. согушта (1939—40) Ленинград фронтунун аскерлерине жардам көрсөттү. Улуу Ата Мек. согуш алдында Б. ф-нун 2 линкору, 2 крейсери, 2 лидер-эсминеци, 19 эсминеци, 65 суу астында жүрүүчү кайыгы, 48 торпедалык катери ж. б. кемелери, 656 самолету бар эле. Б. ф. согуштун учурунда Сов. Армия м-н бирдикте Ханкону, Таллинди, Моонзунд а-ын коргоодо ж-а Ленинграддын, Прибалтиканын, Чыг. Пруссия м-н Чыг. Помераниянын алдында фаш. аскерлерди талкалоодо өзгөчө баатырлыкты көрсөттү. Родинага сиңирген эмгеги үчүн Б. ф. 2 Кызыл Туу ордени м-н (1928, 1965) сыйланды. 100 миңден ашык балтикалыктар ордендер, медалдар м-н сыйланышып, алардын 137си Сов. Союз. Баатыры болушту.

Тех. м-н курал-жарактын жаңы жетишкендиктеринин натыйжасында Б. ф. ушул кезде азыркы замандын күжүрмөн кораблдеринен турат.

Ленинград м-н Кырг-ндын достук байланышы эбактан бери бар. 1932-ж. 17-ноябрда Кыргыз респ-касын саясий ж-а маданий, чарб. жактан шефке алуу ж-дө Ленинград Совети чечим кабыл алган. 1933-ж. Кыргыз АССР БАКтын Президиуму «Октябрь революциясы» корабли м-н Кызыл туулуу Кронштадт крепостун Кырг-ндын шефке алуусу ж-дө токтом кабыл алган. Ленинград м-н Кырг-ндын эмгекчилеринин ортосундагы боордоштук, достук байланыш Улуу Ата Мек. согуштун мезгилинде өзгөчө күч алды. 1942-ж. курчоодо калган шаарга белек м-н келишкен кыргыз делегациясын ленинграддыктар чоң кубаныч м-н тосуп алышкан. Шефтик «Октябрь революциясы» линкорундагы жолугушуу бекем достуктун күбөсү болду. Кырг-ндын эмгекчилери м-н Кронштадт моряктарынын ортосундагы достук байланыш мезгилдин өтүшү м-н бекемделип, улам өсүп-өнүгүүдө.

Ад.: Балтийский флот. Исторический очерк, М., 1960; Боевой путь Советского Военно-Морского Флота, 2 изд., М., 1967.

БАЛТИМОР — АКШдагы Мэриленд штатындагы шаар, Чесапик булуңуна Патап д-сы куйган жерде. Калкы 2 млн. (1969). Ири деңиз порту, 2 аэропорту бар, шоссе ж-а т. ж. тоому. Кара ж-а түстүү металлургия (темир, жез), электр-тех., радиоэлектроника, авиаракета, кеме верфи, хим., тамак-аш ө. ж-лары өнүккөн. Эки ун-т, консерватория, иск-во музейи ж-а Уолтерс сүрөт галереясы бар.

БАЛТУШИС Юозас (өз аты — Альбертас Юозенас; 1909-ж. т.) — литва совет жазуучусу, коомдук ишмер. 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Чыг-лык иши 1932-жылдан башталат. Ал — «Жакшы башталган жума» (1940), «Ак беде» (1943), «Аталар ж-а агалар жолу м-н» (1967) ж. б. ачкемелер жыйнактарында совет бийлигине чейинки литва жериндеги тап күрөшүн көрсеткен. «Короздор кыйкырат» (1947) пьесасынын автору. «Текке кеткен жылдар» романы (1957—69) литва ад-тындагы көрүнүктүү табылга болду. Б. Литва ССР Жог. Советинин 2—5-шайл. депутаты.

БАЛТЫРКАН (Heracleum) — өсүмдүктөрдүн чатырдуулар тукумундагы уруусу. Эки же көп жылдык чөп. Сабактары катуу, түктүү, көңдөй. Жалбырактары татаал; гүлдөрү ак, жашыл, сары, мала кызыл. Топ гүлү — татаал чатырча. Мөмөсү — кутуча. Жер жүзүндө 70, СССРде 40, анын 4 түрү Кырг-нда өсөт. Леман Б-ны Алай тоо кыркаларында, ичке бөлүктөлүү Б. Кемпи тоолорунда гана кездешкендиктен, О. Азия эндемдери болуп эсептелет.

БАЛХАН ТООЛОРУ — Түркмен ССРинде, Кара-Кум чөлүнүн батышындагы аралча тоолор. Узбой өрөөнү аны Чоң ж-а Кичи Балхан тоолоруна бөлөт. Чоң Б-дын уз. 70 *км*, бийикт. 1880 *м* (Арлан тоосу). Өтө тилмеленген, чет жакалары жардуу, үстү түзөң келген *горст-антиклиналь*. Юра ж-а бор мезгилдеринин кумдук, акиташ тоо тектеринен турат. Чөл, жарым чөл ж-а тоолуу талаа ландшафты басымдуу. Тескейинде сейрек кездешүүчү арчалар, капчыгайларда бадалдар өсөт. Чоң Б-га жакын нефть (Небит-Даг) ж-а озокерит кендери бар. Кичи Б. Чоң Б-дын түштүгүндө, обочо турган жаныа (бийикт. 777 *м* ге чейин), жардуу (өзгөчө түн. капталдары), сайга бөлүнүп тилмеленип кеткен жылаңач чолок кырка тоо. Уз. 30 *км*.

БАЛЧЫКТУУ ЖАНАР ТООЛОР, к. *Жанар тоолор.*

БАЛЫК ЗАВОДУ — балык өстүрүүчү ишкана. Анда балык урук таштоочу, инкубациялык, чабак өстүрүүчү, тоют даярдоочу цехтери бар. Б. з-дунун структурасы балыктын түрүнө ж-а андан алынуучу продукцияга жарата түзүлүп, аны курууда ошол жердеги суунун сапатына көңүл бурулат. Балык урук чачуу мезгилге чейин өзүнчө кармалып, жетилгенден кийин уруктандырылат. Чабак бассейндерде ж-а жасалма көлмөлөрдө өстүрөт. Аларды тоюттандыруу үчүн атайын курттар, суу бүргелөрү тукумдатылып, көк боор, эт-сөөк уну ж-а тууралган балык эти пайдаланылат. Ысык-Көлдөгү *Тоң балык заводу* форель балыгын өстүрүп, анын продукциясы тамак-аш ө. ж-да керектелүүдө.

БАЛЫК ИШТЕТҮҮЧҮ МАШИНАЛАР — балыкты мех. жол м-н иштетүүгө ылайыкталган машина. Ал бир операциялуу ж-а көп операциялуу болуп бөлүнөт. Бир операциялуу машиналар балык иштетүүдөгү бир гана операциядан турган ишти аткарат (кабырчык тазалоочу, балыктын башын кесүүчү, порциялоочу машиналар). Көп операциялуу машиналар бир мезгилде бир нече түрдүү технол. операцияларды аткарышат. Машиналардын өндүрүмдүүлүгү өзүнүн өлчөмдөрүнө жараша болот. Балык иштетүүчү жарым автомат машиналар балыктан консерва жасоодо колдонулат. Жарым автоматтардын өндүрүмдүүлүгү минутасына иштелип чыккан балыктын саны, бычактардын айлануу саны м-н аныкталат.

БАЛЫК КӨЛМӨСҮ — балык өстүрүүчү табигый же жасалма көлмө. Алчарбанын суу тосуугa ылайыктуу жеринде болот. Жылуу сууда жашоочу балыктар үчүн көлмө шалбаа же саздуу жерге курулат. Мындай көлмөгө



Бактериялар макаласына. 1 — Polyangium миксобактериясынын клеткаларындагы ядролор; клеткалар амитоз жолу м-н бөлүнүүдө; 2 — уюлдук бүртүкчөлөр; көпчүлүк спорасыз бактериялардыкы жакшы боёлот; 3 — метахроматин бүртүкчөлүү клеткалары; 5 — ийилген ири клеткалар (спириллалар); 4 — метахроматин бүртүкчөлүү уксус кычкыл бактериясынын клеткалары; 6 — анаэробдуу бактериялардын клеткаларындагы запастык споралуу бактериялардын май тамчылуу клеткалары; 7 — бактериялардын ыңгайсыз шарттарда пайда болгон гиганттык заттардын бүртүкчөлөрү спора пайда кылуу убагында; 9 — кептөөрдү козгоочу бактериянын клеткасындагы мецформалары; 8 — проказанын кислотага туруктуу таякчалары; тахроматин.



Балыктар макаласына. 1 — скумбрия; 2 — ставрида; 3 — тикендүү акула; 4 — хамса; 5 — тарань; 6 — стерлядь; 7 — горчак; 8 — чортон; 9 — сазан; 10 — көк серке; 11 — форель; 12 — линь; 13 — жаян; 14 — мүйүз тиш; 15 — жылан балык; 16 — таман балык; 17 — көп канат. 18 — налим; 19 — Каспий лососу.

жылуу көл ж-а өзөн суусу пайдаланылат. Ал эми муздак сууда жашоочу балыктар өстүрүлүүчү көлмө кыртыштуу, орг. заттары аз жерге жайгаштырылып, булак же арык суусу м-н толтурулат. Көлмө суу м-н толтурулуп, же суусу алмаштырылып турууга ылайыкталып, ага суу агызгыч орнотулат. Андан балык чыгарбоо, башка балык киргизбөө үчүн калканч тор коюлат. Балык уругун таштоочу, чабак өстүрүүчү ж-а кыштоочу көлмөлөр да болот. Көлмөнүн жээгине көлөкө түшүрүүчү өсүмдүк өстүрүлбейт ж-а ылай суу м-н агындыдан тазаланып турат.

БАЛЫК МАЙЫ (Oleum jaecoris Asell) — өзүнчө жыты ж-а даамы бар коймолжун, саргыч суюктук. Салышт. салм. 0,92—0,93. Трескалар тукумундагы балыктын боорунан алынат. Мындай балыктын боорунда 45—70% май, А, $Д_3$ витаминдери болот. Б. м. итий, остеомаляция, анемия ооруларында, о. эле ар кандай жараатка дары катары ж-а тамак-аш ө. ж-да пайдаланылат. Техникада колдонуучу Б. м.— куйкум жыттуу, сары же күрөң суюктук. Бул май балык тазалагандагы калдыктан жасалат да, булгаары чыгаруучу ж-а самын кайнатуучу ө. ж-да колдонулат. Б. м. тоют катарында да пайдаланылат. Бакма канаттууларга жемге аралаштырылып берилет. Ал төлдүн, жөжөлөрдүн бат торолушуна көмөк көрсөтөт.

БАЛЫК ООЗ (өз аты — Бекмурат, болжол м-н 1793, Кетмен-Төбө өрөөнү, Коңур-Өгүз кыш.— 1873, Чүй өрөөнү, Арчалуу кыш.)—манасчы, ырчы. Б. О. эл жомокторун ж-а ырларын, «Манасты» 13—14 жашынан айтып, көзгө көрүнө баштаган. 20 жашында чоң топко ырдап чыккан, кийинчерээк «Манас» айтууну кесип кылып калган. Ал кыргыздын санжыра-тарыхын Манаска байланыштуу айткан. Кыргыздардын тарыхына байланыштуу уламыштарды (санжыраны), «Эр Төштүк», «Кан Шырдак», «Кыпчактардын Эр Табылды-жалгызы», «Кытайлардын кыл муруттуу Кожожаш», «Сен — Сарынжы, мен — Бөкөй» деген дастандарды айткан. Б. О. айтыш жанрын да жакшы өздөштүрүп, белгилүү чоң ырчылар м-н айтышкан. Ал ыр м-н «Оторкан» деген көлөмдүү жомокту да айткан. Бирок ал жомок кийин өз алдынча эпоско айланбай, майда жомок-поэмаларга сиңип кеткен. Б. О-дун чыг-лыгы толук изилдене элек.

БАЛЫК ӨНӨР ЖАЙЫ — балыктан, суудагы сүт эмүүүчүлөрдөн (кит, дельфин), омурткасыз жаныбарлардан, өсүмдүктөрдөн түрдүү азык-түлүк ж-а техн. продукция чыгаруучу ө. ж. тармагы. Тамак ө. ж. тармагы катары 17-к-да пайда болгон. Падышалык Россиянын Б. ө. ж. Каспий, Азов, Арал дециздеринен, дарыя, көлмө жээктеринен орун алган. 1913-ж. Россияда балыктын 86,3% ички дециздерден, 13,7% океандардан кармалчу. Совет өлкөсүндө балык уулоо уламдан-улам кеңейип, балыктын басымдуу бөлүгү (74,1%) дүйн. океандардан кармалат. Кырг-нда бул тармак, негизинен, Ысык-Көлдүн жээгинде жайгаштырылган. Б. ө. ж. соц. өлкөлөрдөн КЭДРде, Польшада жакшы өнүгүүдө; капит. мамлекеттерден Япония, АКШ, Норвегия ж-а Англия алдыңкы орундарда турат.

БАЛЫК ӨСТҮРҮҮ — балык чарбасынын тармагы. Ал табигый ж-а жасалма көлмөлөрдө балык көбөйтүү ж-а анын сапатын жакшыртуу багытында иш алпарат. Балыктар табигый сууда, көл, дециз, дарыя ж-а жасалма көлмөлөрдө өстүрүлөт. Көбүнчө судак, лещ, кацылтыр, таран, осетр, белуга, севрюга, лосось, шемай, усач ж. б. тукумдатылат. Балык белгилүү мезгилде дарыянын чатына чогулуп, уругун таштайт. Дарыялардын гидрометеорол. шарты балык уругунун өнүгүп-өсүшүнө дайыма эле жагымдуу болбогондуктан, кээ бир жылда көп зыянга учурайт. Ошондуктан Б. ө-дө 2 түрдүү чара колдонулат: 1) балык-суу мелиорациясы; 2) жасалма жол м-н. Б. ө. мелиорациянын жардамы м-н балыктын өсүшү ж-а көбөйүшү үчүн табигый шарт түзүлөт. Мында туруктуу режим сакталып, суунун ылайланып, көлмөнүн сазга айланып кетишине жол берилбейт. Дарыя, дециз, көлмөлөр убактысы м-н тазаланат. Жасалма көлмөлөрдө балык өстүрүүнү адам тейлейт.

Россияда жасалма көлмөлөрдө балык өстүрүү 13-к-да эле башталган. Ал Бат. Украина, Польша, Белоруссия ж-а Прибалтикада өнүккөн. СССРдин көп райондорунда Б. ө. ийгиликтүү жүргүзүлүүдө. Балтика, Ак ж-а Баренц дециздеринин алабында лосось, кумжи, сырт балыктарын өстүрүүчү заводдор, Кырг-нда Тоң балык з-ду ж-а Ысык-Көл балык комбинаты иштейт. Б. ө-нүн биол. негиздерин иштеп чыгууга көптөгөн ил. из. ин-ттары, ун-ттер ж. б. ил. мекемелер катышат.

БАЛЫК ПИТОМНИГИ — көлмөлөрдө балык өстүрүүчү атайын ишкана. Б. п. балык өстүрүүчү, урук таштоочу ж-а кыштатуучу көлмөлөрдөн турат. Жазында балык урук таштоочу көлмөлөрдө уруктандыруу жүргүзүлөт да, андан алынган чабактары өстүрүүчү көлмөлөргө которулат. Бул көлмөлөрдө күзгө чейин кармалып, бир жылдык балыктар балык кыштоочу көлмөлөргө которулуп, жазга чейин өстүрүлөт. Б. п-нде карантин ж-а балык уулоо көлмөлөрү бар.

БАЛЫК УНУ — малдын организмине керек белогу, кальцийи ж-а фосфору мол тоют. Ал үчүн балык же анын калдыгы кургатылып, тегирменге тартылат. Б. у. 2 түргө бөлүнөт: 1) составында 2—3% май бар, арык же майы алынып таштолган балыктан даярдалат. Мындай тоютта 50—55% фосфордуу кычкыл аки таш, 1—3% кайнатма туз болот. 2) Составы 10—20% майлуу Б. у. азык-түлүккө жараксыз майда чабактан жасалат. Ал баалуу тоют катарында, көбүнчө төлгө берилип, жемдин 10%ин түзөт. Б. у. м-н чочко, тоок, уй да тоюттандырылат.

БАЛЫК УУЛОО СПОРТУ — спорттун атайын шаймандар м-н балык кармоочу түрү. Балыкты ар кыл жол м-н кармашат. Спорттун бул түрү биздин өлкөдө кеңири таралган, анткени ага кары-жаш дебей катыша алат. Ал СССРде көп сандаган тузсуз дециздерде ж-а суу сактагычтарда жүргүзүлүп, балык уулоочулардын саны көбөйдү. Шаардык, обл. аткомдордун алдындагы спорт коомдорунда ж-а ишкана, мекемелердин профсоюз комитеттеринин секцияларында балык уулоочу спортсмендердин бөлүктөрү уюшулган. Москва, Ленинград, Таллин, Рига, Куйбышев, Одесса ж. б. индустриялуу борборлордо балык уулоочу спортсмендердин ири коллективдери бар. Бул коллективдердин арасында командалык ж-а жеке мелдештер өткөрүлүп турат. Спорттун бул түрү б-ча ад-ттарды «Физкультура и спорт» басмасы чыгарат.

БАЛЫК УУЛООЧУ КЕМЕ — атайын балык уулоого ылайыкталып курулган кеме. Кармоо ыктарына ж-а жабдылышына карата Б. у. к.: траулер, сейнер ж-а дрифтерге бөлүнөт. Траулер — балыкты дециздe мех. трал (чоң тор) м-н карман, аны алдын ала иштетүүчү бир палубалуу кеме. Сейнер — балык кармоо үчүн чоң тор ж-а кайырмактар тизилген узун жип (ярус) м-н жабдылган моторлуу кеме. Дрифтер — балыкты тор м-н кармоого ылайыкталган, кыймылдаткычы бар парустуу кеме. Ал Сов. Союзунун бардык дециздеринде жүрөт. Балык кармоодо парустун жардамы м-н кемени каалаган жерде токтотууга болот.

БАЛЫК ЧАРБАСЫ — эл чарбасынын бир тармагы. Ал балык кармоо, тукумдатуу, андан азык-түлүк, дарыдармек, тоют, тех. продукт ж. б. алуу ишин жүргүзөт. Мындан тышкары дециз сүт эмүүчүлөрүн, чаян сымалдууларды карман, суу өсүмдүктөрүн жыйнайт. СССРдин дециз, көл, дарыяларында балыктын 1400гө жакын түрү жашайт. Анын ичинен 250 түрү (треска, сельдь, тюлька, хамса, тынч океан лососу, вобла, лещ, судак ж. б.) промыселдик маанигe ээ. СССРде балык запастарын көбөйтүү максатында көп чаралар көрүлүүдө: балыкты жасалма көлмөлөрдө өстүрүү, көлмөлөрдү мелиорациялоо, балык өстүрүүчү чарбаларды түзүү, балык жемин көбөйтүү, баалуу балыктарды көлмөлөрдө акклиматташтыруу ж. б. Кырг-нда Б. ч. Ысык-Көлдө өнүктүрүлүүдө, о. эле колхоз-совхоздордо, суу сактагычтарда, жасалма көлмөлөрдө башка жактан алынып келинген балыктар өстүрүлүүдө. Б. ч. Япония, СССР, АКШ, Кытай, Норвегия, Улуу Британия ж-а Кореянын экономикасында орчундуу орун ээлейт.

БАЛЫКТАР (Pisces) — сууда жашоочу, бакалоорлору м-н дем алуучу омурткалуулар тибине кирген жаныбарлар классы. Көкүрөк жуп канаттары, курсак ж-а жупсуз жон канаттары, куйругу, куйрук астындагы сүзгүч канаттары Б-ды башка омурткалуу жаныбарлардан айырмалап турат. Денесинин сырты түрпүлүү ж-а түрпүсүз да болот. Б-дын формалары торпедо сыяктуу (тунц, макрель, көгүлтүр акула), цилиндр сыяктуу (угорь), жалпак (камбала), тасма сыяктуу (теренде жашаган тасма балыгы), тегерек ай сыяктуу (ай балыктары) болот. Б. классы 2 топко бөлүнөт: кемирчектүү ж-а сөөктүү. Кемирчектүү топко кирген Б-дын (скат, акула) скелети кемирчектен, сөөктүү балыктардыкы сөөктөн турат. Жашаган жерлеринин шартына жараша Б-дын түсү ж-а формасы да ар түрдүү: мис., филиппин бычогунун (pandaca pygmea) уз. 1 *см* болсо, эң чоң балык — кит акуласыныкы (Rhineodon typus) 15 *м* ге жетет.

Б-дын скелети омуртка тутумунан, баш сөөк ж-а сүзгүч канат скелеттеринен турат. Дем алуу органдарынын кызматын бакалоорлору аткарат. Сууда эрген кычкылтек бакалоор желбирекчелеринин жука беттери м-н кан тамырларына өтүп, денеге таралат. Жүрөгү 2 камералуу (карынча ж-а толто) болуп, андан чыккан вена кандары бакалоорго келип, анда газ алмашуу өтөт. Б-дын көрүү, угуу, жыт ж-а даам сезүү органдары жакшы өөрчүгөн. Толкун кыймылдарын кантал сызыктары аркылуу туят. Горбыль Б. сүзүү ыйлакчалары аркылуу үн чыгарат. Кээ бир аквариумдук кичинекей Б. бир жыл гана жашаса, чортон балык 100 жылдан ашык жашайт. Уругун сууга таштап, кээ бирлери (акулалардын көпчүлүгү, гамбузия, аквариум Б.) тирүү туурт. Алгачкы казылып алынган Б. м-н коштосептегенде Б-дын 25000 түрү бар. СССРде 1400, анын 50дөн ашык түрлөрү Кыргызда бар. Чүй д-да сазан, маринка (жылтыр), түрпү, чортон, жаян, кызыл канат; Нарын, Ат-Башы, Сары-Жаз, Ак-Сай сууларында кабырчыктуу ж-а кабырчыксыз көк чаарлар, элабугалар, Ысык-Көлдө кацылтыр, сазан, алабугалар, чабактар, Ысык-Көл маринкасы, форель, судак, лещ ж. б. кездешет. Б-дын эл чарбасында мааниси чоң. Алардын эти, икрасы, майы өтө баалуу.

Ад.: Берг Л. С., Избр. труды, т. 4—Ихтиология, М.—Л., 1961; Никольский Г. В., Частная ихтиология, 3 изд., М., 1971; Жизнь животных, т. 4, ч. 1 — Рыбы, М., 1971.

БАЛЫКЧЫ, к. *Рыбачье*.

БАЛЫКЧЫ (РЫБАЧЬЕ) КЕНИ — Ысык-Көл обл-дагы кум-шагыл курулуш материалы бар жер. Рыбачье ш-нан 3—4 *км* бат. тегранта, Чүй суусунун боюнда. Кен 1962-жылдан белгилүү. 1965-ж. Кыргыз ССР геология башкармасы геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кен аймагы антропоген мезгилинде пайда болгон дарыя чөкмөлөрүнөн түзүлгөн. Пайдалуу катмарлардын кыртыш сууларынын деңгээлине чейинки калың. 1,4—14,1 *м*. Кен 5 *км*² аянттыээлеп, анын түн. бөлүгү кумдан, борб. ж-а түш. бөлүгү гравийлүү кошундулардан турат. Кумдун составында 5—10 *мм* өлчөмүндөгү шагыл 7%, андан чоңураактары — 10%. Кумдун кесектик модулунун кен б-ча орт. саны 2,07. Калбырдан өтпөй калышы 30%. Гравийлүү кошундулар негизинен шагыл, галька ж-а кумдан турат. Анын гранулометрлик составы кен б-ча бирдей; өлчөмү 70 *мм* ден чоңураак галькалар м-н кой таштар 7,91%, 5—70 *мм* деги гравий фракциясы 53% ж-а 5 *мм* — 39,06%. Кендеги кум-шагылдан «300» маркасындагы бетонду даярдоого болот. Кумдун запасы 5 057 672 *м*³, граазырынча казылып алынбайт, бирок келечектеги мааниси чоң.

БАЛЫКЧЫ КОЛХОЗ — балыкчылардын ыктыярдуу бирикме чарбасы. СССРде балык кармоочу жеке чарбаларды коллективдештирүү а. ч-сын коллективдештирүү м-н бир убакта өткөрүлгөн. Б. к-дун иши балыкчылар артелинин уставында белгиленет. Б. к-го балык кармалуучу участок ж-а жер аянты акысыз түбөлүк бекитилет. Анын мүчөлөрү уставда белгиленген санда ж-а өлчөмдө короо жай, мончук мал күтүүгө укуктуу. Б. к-до акчалай кирешени болуштүрүү а. ч. артелине караганда бир кыйла башкача. Балыкчылар бригадасы же звеносу кармаган балыктан түшкөн кирешенин 55—70% ошол бригада м-н звенонун балыкчы колхозчуларынын эмгегине таратылат.



Жашыл балырлар: *1*-спирогира; *2*-каулерпа; *3*-энтероморфа; *4*-ульва. Көк жашыл балырлар: *5*-анабена. Диатом балырлары: *6*-пиннулярия; *7*-мелозира. Күрөң балырлар: *8*-фукус; *9*-ламинария. Кызыл балырлар: *10*-каллитамнион; *11*-делессерия; *12*-одонталия.

БАЛЫКЧЫ КУШ (Pandion haliaëtus) — жырткычтар түркүмүнүн түйгундар тукумундагы канаттуу. Денесинин уз. 60 *см*, канатынын жайгандагы жазылыгы 1,5 *м*, салм. 1,3—1,9 *кг* га чейин. Б. к-тун жону кара күрөң, көкүрөк ж-а курсак жүнү агыш, куйругунда жол-жол темгилдери бар. Жер шарында кеңири таралган. Кырг-ндын бардык жеринде жаз ж-а күз айларында кездешет. Уяларын көл жээгине жакын даракка салып, 2—3 жумуртка туурт. Балапандарын 35 күндө чыгарат. Көбүнчө балык жейт.

БАЛЫРЛАР (Algae) — көбүнчө сууда өсүүчү, хлорофилл ж. б. пигменттери бар автотрофтуу, жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн тобу. Б-дын жалбырак, сабак, тамырга мүчөлөнбөгөн денеси таллом деп аталат. Анын микроскоп аркылуу көрүнө турган-дары ж-а 40 *м* ге жеткендери бар. Б. —бир ж-а көп клеткалуу. Океан, деңиз, көлдөрдө, агын сууларда Б-дын 30 мингө жакын түрү бар. Айрым түрлөрү нымдуу топуракта да кездешет. Кырг-нда алардын хара, диатом ж. б. түрлөрү өсөт. Алар жыныстык, жыныссыз, вегетативдик жолдор м-н көбөйөт. Өз денелеринде орг. заттарды пайда кылып, көмүр кычкыл газын суудан сиңирип алып, кычкылтекти бөлүп чыгарат. Б. балыктарга ж. б. суу жаныбарларына тоют, о. эле жер семирткич катары колдонулат. Деңиз Б-нын көпчүлүгүнөн йод, калий туздары, целлюлоза, спирт, уксус к-тасы ж. б. алынат. Айрымдары тамак катарында да пайдаланылат.

БАЛЬЗАК Оноре де (20. 5. 1799, Тур, — 18. 8. 1850, Париж) — француз жазуучусу. Ата-теги дыйкан жаатынан чыккан. Вандом коллежинде, Парижде укук таануу мектебинде окуган. Жаш кезинде философияга өтө кызыккан. Кийинчерээк «философ» м-н «художник» деген түшүнүктү айрымалаган эмес. Француз агартуучуларынын материализми Б-ка күчтүү таасирин тийгизген. Саясий көз карашы б-ча Б. легитимист болгон. 1822—25-ж. түрдүү псевдонимдер м-н 8 роман жарыялаган. «Чигирим булгаары» (1830) романын чыг-лык ишинин баштапкысы деп санаган. Б. 90 чыг-дан турган «Адам комедиясында» бурж. коомдун саясий, экон., моралдык турум-турпатын ачып берген. Жеке адамдын коом м-н тарыхта багыныч-туулугу, бурж. коомдун өкүлдөрүнүн идеалдары, жашоо принциптери «Гобсек» (1830), «Евгения Гранде» (1833), «Горио ата» (1834), «Нусингендин банк үйү» (1838), «Дыйкандар» (1844) өңдүү эң чыг-ларында ашкереленген. Б. өз чыг-ларында түрдүү мүнөздүү классикалык образдардын бүтүндөй бир галереясын түзгөн. «Бальзак француздарды 5 миң кишиге көбейттү» деген афоризм да ушундан улам чыккан. Б-тын чыгармалары дүйн. көркөм өнүгүшкө зор таасир тийгизген. Мис., Россияда А. С. Пушкин, В. Г. Белинский, А. И. Герцен, И. А. Тургенев, Л. Н. Толстой, айрыкча Ф. М. Достоевский м-н М. Горький анын улуу чыг-лык мектебинен өткөн. Б-тын чыг-ларын К. Маркс, Ф. Энгельс жогору баалаган. Сов. Союзунда анын чыг-ларынын толук жыйнагы 3 ирет басылды. Айрым чыг-ларды кыргыз тилине да которулган.



О. Бальзак

Чыг.: Гобсек, Фр., 1969; Собр. соч., т. 1—24, М., 1960.

Ад.: Маркс К. и Энгельс Ф., Об искусстве, т. 1—2, М., 1957; Обломиевский Д., Бальзак. Этапы творческого пути, М., 1961; Моруа А., Прометей, или Жизнь Бальзака, пер. с франц., М., 1967.

БАЛЬЗАМДАР (гр. balsamon — жыттуу чайыр) — составы эфир майы м-н анда эрүүчү чайырдан, жыттуу бирикмелерден ж. б. болуктөрдөн турган табигый заттар. Б. көбүнчө тропиктик же субтропиктик өсүмдүктөрдүн сыртқы кабыктарында пайда болот. Б.—жыттуу, даамы көбүнчө ачуу ж-а кычкыл. Сууда эрибейт, бирок кээ бир орг. эриткичтерде (спиртте, эфирде, бензинде, өсүмдүк майында ж. б.) эрийт. Составына жараша Б. какыртуучу, дүүлүктүрүүчү, заара чыгаруучу дарылар ж-а дезинфекция каражаттары катары колдонулат.

БАЛЬЗАМДОО — олуктуу чиритпей сактоо үчүн жасалган ич-аракеттердин жыйындысы. Эң биринчи Б. Байыркы Египетте колдонулган. Б. окуу ж-а ил. соттук-мед. иштер үчүн, о. эле көрүнүктүү иштмерлердин соогун бузбай сактоо үчүн жүргүзүлөт. Өлүктү Б. б-ча эң маанилүү методду 1893-ж. Н. Ф. Мельников-Разведенков тапкан. Б-чу зат катарында мышьяктуу кошулмалар, сымаптын, цинктин туздары, спирт ж. б. антисептик заттар пайдаланылган. 19-к-дын аягынан Б. үчүн формалин ж-а антисептик суюктуктар иштетилет. Академиктер В. П. Воробьев м-н Б. И. Збарский тапкан Б. методу б-ча В. И. Ленинди (1924), Г. Димитровдун (1949) денелери бальзамдалган.

БАЛЬМЕР СЕРИЯСЫ [швейц. илимпоз И. Я. Бальмердин (1825—98) ысмынан] — суутектин атому нур чыгарган кезде байкалган ж-а Бальмердин формуласы м-н аныкталуучу спектрдик сызыктардын сериясы. Б. с-на кирген спектрдик сызыктар көзгө көрүнүүчү ж-а ультра кызгылт чекте жатат. Аны ар түрлүү газдардагы электр разряддарынан пайда болгон спектрлерден байкоого болот. Күндүн ж-а жылдыздардын составында суутек көп болгондуктан, бул сериядагы сызыктар жог. темп-рада пайда болгон жутулуу спектрлеринен да байкалат. Мис., Күндүн спектриндеги фраунгофер сызыктарынын ичинде бул сериялга кирген толкун уз. 6562,8 Å (H_α); 4861,3Å (H_β); 4340,5Å (H_γ); 4101,7Å (H_δ) сызыктар кездешет.

БАЛЬНЕОЛОГИЯ (лат. balneum — мончо, сууга түшүү ж-а ...логия) — мед. илиминин минералдуу суулардын пайда болушун, физ.-хим. касиетин, аларды дарылык максатта колдонуу методун изилдөөчү бөлүгү. Аның бальнеотерапия, бальнеотех., бальнеография ж. б. тармактары бар. Б. илими б. з. ч. 5-к-да эле өнүгө баштаган. Мис., байыркы грек илимпозу Геродот минералдуу сууларды дары катары пайдалануу суунуш кылган. Минералдуу суулардын колдонулушуна С. А. Смирновдун демилгеси б-ча Кавказ минерал сууларынын изилдениши ж-а Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин сан.-курорттук иштердин жолго коюлушу чоң түртку берди. Изилдөө багытына жараша Б-нын өз методдору ж-а формалары бар. Физиотерапия, химия, физ., биол., мед. ж-а гидрогеол. илимдери м-н тыгыз байланыштуу. Б. илимининн курортологияда, медицинада ооруларды дарылоодо, геологияда (кен издөөдө) ж. б. ил. ачылууларда мааниси чоң. Б. б-ча негизги изилдөөлөр СССРде физиотерапия ж-а курортология ил. из. ин-ттарында (Баку, Ереван, Тбилиси, Фрунзе, Ташкен, Одесса, Пятигорск, Сочи, Томск ж. б.) жүргүзүлөт. СССРде Б. б-ча «Курортное дело» (1923—28) ж-а «Вопросы курортологии, физиотерапии и лечебной физкультуры» (1955) аттуу журналдар чыгат.

БАМАКО — Мали Респ-касынын борбору, Нигер д-нын сол жээгинде. Калкы 300 миң (1972). Т. ж. станциясы, шоссе жол тоому. Ө. ж. ж-а соода борбору. Өлкөнүн электр энергиясынын 85%ин берет. Пластмасса буюмдарын ж-а транзистор приёмниктерин жыйноочу Метал-Судан з-ду бар. Тамак-аш ө. ж. (жемиш ж-а минералдуу суу з-ддору, сигарет ф-касы) ж-а кол өнөрчүлүк өнүккөн.

БАМБУК (малайя тилинде bambu) — дан өсүмдүктөр тукумундагы дайыма көгөрүп туруучу бир ж-а көп жылдык өсүмдүк. Б-тун 600гө жакын түрү белгилүү. Анын кээ бир түрү күнүнө 90 *см* ге чейин өсүп, 6—8 жумасынын ичинде токтолот. Жоондугу 25—30 *см*, бийик. 40 *м* ге жетет. Б. негизинен Азияда, Америка ж-а Африканын нымдуу тропигинде ж-а субтропигинде да кездешет. СССРде Сахалин, Курил а-дарында өсөт. Кавказдын Кара деңиз жээгинде ж-а Крымда 20га жакын түрү бар. Б. — баалуу техн. өсүмдүк. Жыгачынан курулуш материалы, түрдүү мебель, ка-

газ ж. б. даярдалат. Жаш сабагы м-н уругу тамак-ашка колдонулат.

БАНАН (Musa) — банандар тукумуна кирүүчү көп жылдык өсүмдүк. Б-дын тамыры жоон, сабагы кыска, жалбырагы чоң, бийик. 15 *м*. Мөмөсү — жемиш, сүйрү, үч кырдуу, составында 14—22% кант, 5—8% крахмал, 1,5% протеин бар. Семиз жерде жакшы өсөт, орг. семирткич м-н кошумча азыктандырганда бир түбүнөн 50—60 *кг* түшүм алынат. Б. как ж-а жаңы бойдон тамак-ашка колдонулат. Б-дын 80ге жакын түрү бар. Мекени — тропиктик Африка, Азия, Австралия. Тех. Б. текстиль ө. ж-да пайдаланылат, андан бышык кездеме токулат, аркан, тор, боолук, жип ж. б. буюм жасалат. СССРде Кавказдын Кара деңиз жээгинде, Түш. Крымда кооздук үчүн атайын өстүрүлөт.



Банан: *1* — жалпы көрүнүшү; *2* — мөмөсү; *3* — гүлү.

БАНАХ МЕЙКИНДИГИ (Польша математиги С. Банахтын атынан) — толук нормаланган сызыктуу мейкиндик, к. *Сызыктуу мейкиндик*.

БАНГИ—Борб. Африка Респ-касынын борбору. Убанги д-нын (Конгонун куймасы) оң жээгинде. Калкы 238 миң (1971). Шоссе жолдорунун тоому, ири дарыя порту. Аэропорту бар. Бут кийим, тамеки, тигүү ф-калары, кездеме токуу комбинаты, велосипед ж-а моторцикл жыйноочу, калай буюмдарын чыгаруучу з-ддор, тамак-аш, тактай тилүүчү ж. б. ө. ж. ишканалары, жылуулук электр станциясы бар.

БАНГКОК, Банкок — Таиланддын борбору. Менам-Чао-Прая д-нын чатында, Сиам булуңунан 30 *км* аралыкта. Өлкөнүн саясий, экон., маданий ж-а диний борбору. Б. 16-к-дан бери шаар, 1782-жылдан Таиланддын борбору. Калкы 3,7 млн. (1972). Эл аралык маанидеги т. ж., шоссе, аба жол тоому ж-а маанилүү тышкы соода порту. Б. аркылуу өлкөнүн 90% тен ашык импорту ж-а 75% экспорту өтөт. Өлкөдөгү фабрика-завод ж-а кол өнөрчүлүк өндүрүштүн көбү Б-ко топтолгон, күрүч тазалоочу, жыгач иштетүүчү, электр тех., тамеки, резина, кагаз, кездеме токуу, айнек-керамика, цемент, химия ишканалары, автомоб. ж-а трактор жыйноочу з-ддор, кеме



Бангкоктогу сыйынуучу жай. 18—19-к.

верфи, ТЭС бар. Жыгач, таш, металл, асыл таштардан, пил сөөгүнөн сувенир жасоо өнүккөн. Б-то ун-т (1917), мед., а. ч. ин-ттары, 18—19-к. салынган көп сандаган будда храмдары, улуттук музей бар.

БАНГЛАДЕШ, Бангладеш Эл Республикасы — Түш. Азиядагы мамлекет. Улуу Британия башчылык кылган ынтымакта (18. 4. 1972). Аянты 142,7 миң км². Калкы 71316 миң (1974). Борбору — Дакка ш.

Мамлекеттик түзүлүшү. Б.— респ-ка. 1971-ж. Чыг. Пакистанда улуттук-бошт. кыймыл жеңип чыкканда түзүлгөн. Конституциясын Уюмдаштыруу чогулушу 1972-ж. 4-ноябрда кабыл алган. Конституция б-ча, мамл. башчысы—президент (1972-ж. 12-янв.), ал бир палаталуу улуттук ассамблея тарабынан 5 жылга шайланган. Өкмөт башчысы — чоң бийликке ээ премьер-министр ээле, (1972-ж. 12-январдан бери М. Рахман болчу). 1975-ж. 25-январда Б-те президенттик башкаруу киргизилген. 15-августта мамл. төңкөрүш болду.

Табияты. Б. жери Инд-Ганг түздүгүнүн чыгыш жагын ж-а Ганг, Брахмапутра д-ларынын чатын ээлейт. Түш.-чыгышында Лушай бөксө тоосу бар (60—300 *м*). Көп байлыктарга жарды. Патхария, Пятна, Силхот р-ндорунан нефть чыгат. Читтагонгдо таш көмүр бар. Тропиктик-муссондук климаты эки сезонго бөлүнөт: жайкы муссон мезгили жамгырлуу (май — окт.), кышкы муссон (ноябрь — апр.) кургакчыл. Жайында орт. темп-ра 28—30°С, кышында 12—15°С. Жылдык жаан-чачыны батышында 1500 *мм*, чыгышында 3500 *мм*. Б. дарыяларынын суусу мол, кеме жүрөт.

Жери көбүнчө күрдүү аллювий топурактуу. Түндүктөн түштүккө карай чиринди ж-а фосфорго жарды кызыл, сары топурак кебөйүп отурат. Өсүмдүгү жайы-кышы көктөп турат. Ачык жерге чөп калың чыгып, бийик өсөт. Жерининн 6% токой. Мындагы бак-даraктар: гаржан, манго, камфара, бамбук, тик, сал ж. б. Б. Инд-малай зоогеогр. областка таандык, айбанатка ж-а илбээсинге бай: жолборс, илбирс, аюу, керик, буйвол, кийик, бугу, маймыл, крокодил, таш бака, жылан, канаттуулардын көп түрү бар.

Калкы. Б.— калк өтө жыш отурукташкан өлкө. Калктын орт. жыштыгы км² го 500 киши туура келет. 98% бенгал, калганы индус, чакма, кхас ж. б. Элдин 80% мусулман. Чоң шаарлары: Дакка (1 млн. киши, 1971), Читтагонг 500 мин, 1971). Мамл. тили — бенгал тили.





Дакка. Жогорку Сот үйү.

Тарыхый очерки. Б. з. ч. 7—6-к-да Б-тин терр-ясында Ванга мамлекети түзүлгөн (өлкөнүн азыркы аты ушундан чыккан: Бангла—бенгал, деш—өлкө). В. з. ч. 4-к-дан б. з. 5-к-на чейин Б-тин терр-ясы байыркы индиялык ар түрдүү империялардын составына кирген. 6-к-дын аягында бат. тарабы м-н биригип, өзүнчө Бенгалия мамлекети болгон. 13-к-да Бенгалияны Дели султанынан чыккан мусулман султандары каратkан. Ошол кезден Бенгалияга ислам тарай баштаган. 14-к-дын ортосунан Бенгалия өз алдынча мамлекет. 16-к-дын 70-жылдары Бенгалияны *Акбар* каратып алган. 18-к-дын башында Бенгалия көз карандылыктан кутулуп, бирок 1757-ж. кайра Англия тарабынан колонияланган. Колон. мезгилде (1857—1947) Б-тин терр-ясы жалпы Брит. Индиясы сыңарындай эле, метрополиянын агрардык коштондусуна айланган. 19-к-дын башынан Бенгалияда улуттук кыймыл жандана баштады. Бул кыймыл 1-дүйн. согуштан (1914—18) ж-а Окт. рев-ясынан кийин бир кыйла кулач жайды. 20-к-дын 30-жылдарынан диний-жамаатчыл саясий күчтөр өсүп, индустар м-н мусулмандардын кагылышуусуна алып келди. Колонычылар ал чыр-чатакты ырбатып турушту. 2-дүйн. согуштан (1939—45) кийин Түш. Азия элдеринин бошт. күрөшү өөрчүп, натыйжада англ. колонычылар 1947-ж. Индияга көз каранды эместик берүүгө мажбур болду. Мурдагы Брит. Индиясынын терр-ясында 1947-ж. диний жик б-ча эки мамлекет (Индия ж-а Пакистан) түзүлгөндө, негизинен мусулмандар жашаган Чыг. Бенгалия Пакистандын составына кошулду. Б-тин экон. ж-а саясий жактан тең укуксуз болушу, Пакистандын башкаруучу чөйрөсүнүн бенгал тилин мамл. тил деп таануудан баш тартышы, бенгалдардын кемсинтилиши бенгал элинин улуттук кыймылын күч алдырды, бул кыймылга «Авами лиг» партиясы, о. эле Улуттук элдик партия ж-а Коммунисттик партия жетекчилик кылды. Биринчи жалпы шайлоодо (1970-ж. дек.) «Авами лиг» партиясы жеңип чыгып, Пакистандын Улуттук чогулушундагы 300 орундун 162син ээледи. Пакистанды башкарып турган аскер өкмөту шайлоонун натыйжасын жокко чыгарып, Чыг. Бенгалияга толук региондук автономия берүүдөн баш тартууга аракет жасады. Эл катуу нааразылык билдирип, чечкиндүү аракетке өттү. 1971-ж. 26-марта бенгал патриоттору Чыг. Бенгалияны көз каранды эмес Бангладеш Эл Респ-касы деп жарыялашты. Пакистандык аскерлерден кысым көргөн миллиондогон бенгал патриоттору Индияга качып кирди. Бул Индия-Пакистандын ыркын бузду. Совет өкмөтү тынчтыкты сактоого аракет кылып, Пакистандын өкмөтүнө репрессияны токтотуп, чатакты сүйлөшүп жонго салуу керектигин бир нече жолу эскертти. Пакистандын аскер өкмөтүнүн чатакты саясий жонго салуудан баш тартышынан 1971-ж. декабрда Индия м-н Пакистандын ортосунда согуш чыкты. 1971-ж. 16-декабрда Пакистан тарап жеңилип, 22-декабрда Б. өкмөту Даккага келди. 1972-ж. 12-январда Б-тин убактылуу конституциясы жарыяланып, «Авами лиг» партиясынын жетекчиси шейх Муджибур Рахман Б. өкмөтүнүн башчысы болду. Б. өкмөту прогрессчил кайра түзүүлөрдү жүргүзүп, СССР ж. б. соц. өлкөлөрдөн, Индиядан жардам алды. 1972-ж. 4-ноябрда Уюмдаштыруу чогулушу болуп, Б-тин туруктуу Конституциясын кабыл алды. 1973-ж. 7-марттa Улуттук ассамблеянын шайлоосунда «Авами лиг» партиясы жеңип чыкты; 1973-ж. 16-марта Муджибур Рахман Б-тин жаңы өкмөтүн түздү. 1975-ж. 15-августтагы мамл. төңкөрүштө М. Рахман өлтүрүлүп, К. М. Ахмед бийликке келди. Бирок 7-ноябрга караган түнү контр төңкөрүштөн кийин А. М. Сайем президент болду да, Улуттук ассамблеяны таратып жиберди.

Саясий партиялары. «Авами лиг» (Элдик лига) 1949-ж. негизделген. Улуттук буржуазиянын мүдөөсүн жактап келген. «Авами лиг» улуттуулдук, демократия, социализм ж-а секуляризм деген принциптерди туткан. Партияны Б-тин калкы колдоп турган. Коммунисттик партия 1948-ж. түзүлгөн (к. *Бангладештин коммунисттик партиясы*). Улуттук элдик партия 1957-ж. түзүлгөн. Пакистанда демокр. кеңирн кайра түзүүлөрдүн жүргүзүлүшүн, өлкөнүн согуш блокторунан чыгарылышын жактаган; 1967-ж. эки фракцияга бөлүнүп кеткен. Улуттук социалисттик партия 1972-ж. пайда болду. Ал—«Авами лиг» м-н оппозицияга чыккан улуттук партия. 1975-ж. январда Б-теги бардык саясий партиялар таркатылып, өлкөдө жападан жалгыз партия — Дыйкан-жумушчу элдик лигасы түзүлдү.

Экономикасы. Б-тин экономикасы начар өнүккөн. Калкынын 4/5 бөлүгү а. ч-да иштейт. Б. дүйн. жут түшүмүнүн 50%ин берет. Жут, чай, тамеки, бал камыш, май өсүмдүктөрү өгилет. Мөмө-жемиш өсүмдүктөрү: банан, манго, какос пальмасы, ананас ж. б. Ө. ж. да начар өнүккөн: улуттук продукциянын 6% ин гана берет. Негизги тармагы — жут иштетүү. Тек-



Дакка шаары. Борбордук көчөсүнүн бири.

стиль ф-калары, кант, нефть тазалоочу, болот эритүүчү з-ддору бар. Табигый газ өндүрүлөт. Электр станциялар берген жалпы кубат 200 миң *квт·с* тан ашпайт. 1972-жылдан өлкөнүн экономикасын көтөрүү үчүн бир катар чара көрүлдү. Согуштан бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү үчүн 1972—73-ж. 5010 млн. така сарп кылынды. 1973-ж. жер реформасы жүргүзүлдү. Жер эээлөөнүн жог. чеги 13,4 *га* болуп (мурда 60 *га*), 3,35 *га* дан аз жери бардар налогдон бошотулду. 1972-ж. 254 ө. ж. ишканасы (бардык жут ж-а кебез-кездеме ф-калары, кант з-ддору, машина куруу, металл иштетүү, химия, кагаз, токой, газ ө. ж.), банк ж-а камсыздандыруу компаниялары, сыртқы соода, суу транспорту мамлекет карамагына өттү. Өлкөнүн экономикасында мамл. сектор алдыңкы орунга чыкты. 1972-ж. экспортко 2,5 млрд. такага товар (негизинен жут, чай, кагаз, булгаары) чыгарды. Импорту экспорттон ашык болду. Негизинен эгин, текстиль ө. ж. товарларын, көмүр, машина жабдууларын алды. Б-те суу жолу, т. ж., шоссе жол да бар. Жалпы уз. 11 миң *км* ге жакын. Порттор — Читтагонг ж-а Чална. Акча бирдиги — така.



Нараянгандждагы кендир фабрикасы.

Адабияты. Бенгал тилиндеги эң байыркы жазма эстелик «Чорджапод». Ал — диний ырым-жырым ырларынын жыйнагы (10—12-к.). Бенгал ад-тында 16—17-к-да лирика өкүм сүргөн. О. кылымда кудайлар (Моноши, Чонди) ж-дөгү дастандар чыгарылган. 17-к-да Доуолт Кази, Сайед Адолдор ад-тка турмуштук теманы киргизди. Феодализмдин күчөшүнө (18-к.) байланыштуу Б. ад-ты элдик мүнөзүн жоготуп, өлүк санскриттик поэтика кайра жандanып, «кооз» стиль басымдуу боло баштаган. Көрүнүктүү өкүлдөрү: Бхаротчондро Рай (1707—60), Рампрошад Шен (1720—75). 19-к-дын башында диний-мифологиялык сюжетти филос. поэзия сүрүн чыгарып, проза жанры пайда болду. Раммохан Рай (1774—1833), Ишшорчондро Гупто (1811—59) ж. б-лар агартуучу багыттагы жаңы бенгал улуттук ад-тын проза м-н башташты. Роман, повесть, драмалар жазылды. Тарыхый патриот-

тук ж-а социалдык маселелер иштеле баштады. 19—20-к-дагы бенгал ад-тынын көрүнүктүү өкүлү — Рабиндранат *Тагор* (1861—1941) Бенгалия ж-а бүткүл Индия ад-тына реалисттик багыт берди. Индиянын көз карандылыктан кутулушу бүткүл Индостандагыдай Бенгалияда да прогрессчил



Пил сөөгүнөн жасалган кайык модели.

ад-ттын өнүгүшүн камсыз кылды. Капит.коомдогу адамдын трагедиясы, эмгек адамы ад-тка кирди. Бул тема Абул Фазла (1903-ж. т.), Назрул Ислам (1899), Джошим Уддин (1902-ж. т.) ж. б-дын чыг-ларында көрүндү.

Ад.: Народная Республика Бангладеш. Справочник, М., 1972; Каллгин Б. А. и Скосырев В. А., Бенгальский дневник. (Рождение республики), М., 1973; Шукурова Х. С., Счастья тебе, Бангладеш, Ташк., 1973; Щедров И. М., Бангладеш: утро новой жизни. Из блокнотов корреспондента, М., 1973.

БАНГЛАДЕШТИН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (БКП) — 1971-ж-дын апрелине чейин Чыг. Пакистандын компартиясы (ЧПКП) деп аталган ж-а Индия м-н Чыг. Бенгалиянын компартияларынын уюмдарынын базасында 1948-ж. түзүлгөн партия. Түзүлгөндөн эле өкмөттүн куугунтук-тоосуна алынып, 1954-жылдан подпольелик шарттарда иштейт. 1968-жылдагы конф-яда партиянын Программасы ж-а Уставы кабыл алынып, БК шайланды. БКП 1968-ж. күзүндө, 1969-ж. жазында Пакистанда согуштук абалды жоюу ж-а демокр. мамл. түзүлүштү орнотуу кыймылына, 1971-ж. Яхья Хандын режимине каршы ж-а көз каранды эмес *Бангладеш Эл Республикасын* түзүү үчүн күралдуу көтөрүлүшкө активдүү катышты. Бангладеш компартиясы (БКП) болуп 1971-ж. аталып, «өлкөнүн экономикасын калыбына келтирүү ж-а массанын турмуш абалын жакшыртуу үчүн элдин чыг-лык күчүн жумшоону» партиянын азыркы этаптагы эң негизги милдети деп жарыялады. БКП Бангладеш Респ-касынын өкмөтү жүргүзгөн ички ж-а тышкы саясатты колдоодо. БКП башкаруучу Элдик лига ж-а Улуттук элдик партиялары м-н бирге Элдик биримдик фронтун түздү (1974). БКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмесине (1969) катышып, аның документтерин толук жактырды. БКП демокр. централизм негизинде түзүлгөн. Жог. органы — съезд, съездердин аралыгында БК, БКнын борб. аткаруу органы — Секретариат. БКП БКнын Ген. секретары — М. Фархад (1973). БКПнин органы — «Экота» («Биримдүүлүк») жумалыгы.

БАНДАЖ (фр. bandage, bander — байлоо) медицинада — ичти чоюлуудан сактоо ж-а ич көндөйдөгү органдарды (карын, ичеги, бөйрөк ж. б.) ылдый түшүрбөй, өз ордуна карман туруу үчүн пайдаланылуучу атайын белбоо. Б. дарылоо максатындагы ж-а косметикалык деп болунот. Дарылоо максатындагы Б-ды боюнда бар ж-а төрөгөн аялдар же оорулуу адамдар врачтын кеңеши б-ча пайдаланышат. Б. түрдүү материалдардан ар кандай конструкцияда жасалат.

БАНДАРАНАЙКЕ Сиримаво (17. 4. 1916-ж. т.) — Шри Ланка респ-касынын (мурдагы Цейлон) саясий ж-а мамл. ишмери. Күйөөсү С. Бандаранайкени реакциоперлер өлтүргөн соң (1959) ал уюштуруп кеткен Цейлондун боштондук партиясынын жетекчилеринин бири болуп калды. 1960—65-ж. Цейлондун премьер-министри (аялдан чыккан дүйнөдөгү биринчи премьер-министр). Б-нин өкмөтү саясий түзүлүштү демократиялаштыруу саясатын, прогрессчил экон. реформалар жүргүзүдү, коомдук түзүлүштү ар түрдүү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоо саясатын жактады. 1970-ж. Б. өкмөт башына кайрадан келди.

БАНДЖУЛ (1973-ж-га чейин Батерст) — Бат. Африкадагы Гамбия респ-касынын борбору, порт. Калкы 45 миң (1970). Африка — АКШ аба жолунун негизги пункту. Май чыгаруу, арахис тазалоочу ж-а аны иштетүүчү, балык консервалоочу, дарыя кемелерин куруучу ишканалар бар. Экспортко арахис, мал териси чыгарылат. Шаарды 1816-ж. англичандар курган.

БАНДИТИЗМ (итал. bandito — баш кесер, каракчы) — мамл. башкаруунун негизине ж-а коомдун коопсуздугуна каршы багытталган коркунучтуу кылмыш. Бир нече кишиден турган атайын уюмдашкан куралчан туруктуу топ банда деп аталат. Андай топтордун коомдук мекемелерге (ишканаларга) же айрым адамдарга кол салуулары Б. кылмышына жатат. Мындай аракеттери үчүн кылмышкерлер 16 жаштан баштап жоопко тартылат. Совет бийлиги соц. курулуштун 1-жылдарында кулактар, талкаланган ак гвардиячылар отряддарынын калдыктары, петлюровчулар, махночулар, басмачылар сыяктуу империалисттер колдогон элементтерден жүргүзгөн. Улуу Ата Мек. согуштун алдыңку ж-а кийинки жылдарында Бат. Украинада, Белоруссияда, Прибалтика респ-каларында ар кандай улуттук уюмдар жетектеген саясий бандалар Совет бийлигине каршы аракеттенишкен. Согуштан кийин ал бандалар биротоло жоюлган. Кийинки жылдарда Б. кылмышы СССРде жоко эсе. Б. капит. өлкөлөрдө, асыресе нин 1963-ж. өлтүрүлүшү Б-дин айкыш миссалы.

БАНДУНГ — Индонезиядагы шаар. Ява а-нын бат. бөлүгүндө. Калкы 1065 миң (1968). Т. ж. тоому, токуу ө. ж-ның борбору. Б-да хинин дарысын чыгаруучу фабрика, тех. резина буюмдарын жасоочу, автомоб. чогултуучу-ти (1957), технол. ин-т бар.

БАНДУНГ КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1955) — Азия м-н Африканын 29 өлкөсүнүн Бандунгда (Индонезия) 14—18-апрелде өткөн конференциясы. Б. к-н чакыруу ж-дө Индия, Бирма, Индонезия, Пакистан ж-а Цейлон өлкөлөрүнүн премьер-министрлеринин Коломбодо өткөн кеңешмесинде (1954-ж. апр.) макулдашылган. Алардан тышкары конф-яга: Афг-н, Камбоджа, Кытай, Египет, Эфиопия, Алтын Жээк, Иран, Ирак, Япония, Иордания, Лаос, Ливан, Либерия, Ливия, Непал, Филиппиндер, Сауд Аравиясы, Судан, Сирия, Таиланд, Турция, Вьетнам Демокр. Респ-касы, Түш. Вьетнам, Йемен катышкан. Б. к-нын катышуучулары колониализмди, расачыл сегрегацияны ж-а дискриминацияны айыптап, Камбоджа, Цейлон, Япония, Иордания, Лаос, Ливия, Непал ж-а Бириккен Вьетнамды ООНго кабыл алуу өтүнүчү ж-а Коопсуздук Советинин убактылуу мүчөлөрүнүн ордун болуштургонду Азия ж-а Афр. өлкөлөрүнүн өкүлдүктөрүнө карата геогр. принципти туура колдонуусу каалоо м-н Коопсуздук Советине кайрылган. Б. к. өлкөлөрдү экон. ж-а маданий кызматташтыкка, куралсызданууга, атомдук ж-а термоядролук куралдарды чыгарууга, сыноого ж-а колдонууга тыюу салууга; бардык талаш-тартыш маселелерди тынчтык жол м-н жолго салууга чакырган. Б. к. Азия, Афр. элдеринин улуттук аң-сезимин өстүрүүгө, улуттук-бошт. кыймылынын өөрчүшүнө жардам берген.

Публ.: Заключительное коммюнике Конференции стран Азии и Африки, «Правда», 1955, 26 апр.

БАНК БИЛЕТИ (банкнот) — борб. эмиссиялык банк чыгарган акча белгиси. Ал жүгүртүү ж-а төлөө каражаты катарында металл акчанын ордуна жүрөт. Капит. ө. ж-дын, соода м-н кредиттин өнүгүшү Б. б-ин чыгарууга түртүү берип, мурдагы вексель (кундуу кагаз) жүро-жүрө Б. б. м-н алмаштырылган. Б. б. акчанын белгилүү формасына ээ болуп, соода же кредит акчасына айланган. 1-дүйн. согушка чейин банкнот (кредит акчанын бир түрү) алтынга эркин айырбашталчу. Бирок капит. өлкөлөрдө 1929—33-жылдагы дүйн. экон. кризистен улам банкнот туруктуулугун жоготуп, аны алтынга айырбаштоого тыюу салынган. Азыр капит. өлкөлөрдө банкнот плансыз, бат аламан чыгарылып, инфляцияны күчөтүүдө.

СССР баштаган соц. өлкөлөрдө Б. б. кредит м-н касса пландарына, жүгүртүү планына ылайык чыгарылып, туруктуу күчкө ээ.

БАНК КАПИТАЛЫ — капит. банктын акча каражаттарынан түзүлгөн капиталы. Ал банктын менчик капиталынан, элдин аманатка салган акчасынын белгилүү үлүшүнөн ж-а капиталисттердин банктагы убактылуу бош акчаларынан түзүлөт. Б. к-нин ө. ж-га кредит берилет. Мында капиталдын эсэ орто пайданы алат. Б. к. монополиялык капитализмге чейин ө. ж. капиталы м-н кредит аркылуу гана байланышып келген. Ал эми империализм тушунда монополиялык Б. к. монополиялашкан ө. ж. капиталы м-н бириккүүнүн натыйжасында финанс. капитал түзүлөт.

БАНК РЕСУРСТАРЫ — банктардагы акча каражаттарынын жыйынтыгы. Б. р.— мамл. бюджет кирешисинин булагы. Капит. коомдо Б. р. капиталга айланып, жумушчуларды эксплуатациялоо каражаты болуп калат. Соц. өлкөлөрдүн банктарындагы Б. р. коомдун кызыкчылыгы үчүн жумшалат. Анын булактары: ишканалар м-н уюмдардын кирешелери, элден алынуучу ар түрдүү салык ж. б. Б. р. өндүрүштү кеңири өркүндөтүүгө, илимди ж-а мад-тты өстүрүүгө, өлкөнү коргоого, элдин турмушун жакшыртууга план б-ча болуштурулөт.

«БАНКЕРС ТРАСТ КОМПАНИ» — АКШдагы Морган группасы контролдогон миллиардерлер банктарынын бири. 1903-ж. Нью-Йоркто уюштурулуп, капиталы 1 млн. доллар болгон. Ал көп сандагы майда, орто ж-а ири банктарды көшүп алат. 1965-ж. Нью-Йорк ш-нан сырткары тармагын жаюу максатында банктын холдинг — компаниясы «Банкерс траст Нью-Йорк корпорейшен» уюшулду. Ал Нью-Йорк штатындагы бир нече банктарды, аның ичинде «Б. т. к.» да контролдойт. Аның Европа, Африка, Америка, Азиянын айрым капит. мамлекеттеринде кичирээк банктары, Мехико, Рим, Париж, Франкфурт-на-Майне, Манила, Сидней, Бейрут, Цюрих, Токио ж. б. ш-да өкүлдүктөрү бар. Ал «Дженерал электрик», «Уэстерн электрик (А. Т. Т.)», «Отис элевейтор» сыяктуу ири ө. ж. монополиялар м-н тыгыз байланышта.

БАНКТАР (итал. banco — стол) — акча каражатын топтоо, кредит берүү, акчалай эсептешүү; акча, баалуу кагаз чыгаруу ж-а аларды жүгүртүү ж. б. функцияларды аткаруучу өзүнчө экон. мекемелер. Б-дын социалдык-экон. ролу ар бир коомдук формациянын өзгөчөлүгүнө жараша болот. Банк ишин күл эзлөө ж-а феод. коомдордо эле чыккан. Ал мезгилде баалуу металлды убактылуу сактап, майдалап ж-а айрыбаштап берүүчү адамдар, аларды башка бирөөлөрө карызга берип, андан үстөк процент алган сүткордук капиталдын алгачкы формасы пайда болгон. О. кылымда Италияда сүткорлор, майдалоочулар, алмаштыруучулар өз ишин бир столго чогултуп жүргүзүшкөн. Ушундай ишти аткаруучу жай бара-бара Б. деп аталып кеткен. Б. борб. эмиссиялоочу, соода ишин тейлөөчү, инвестициялоочу, сактык ж-а айрыкча милдет аткаруучу типтерге болунот. Б. операциясы пассив ж-а актив болуп ажырайт. Пассиви *кредит* ресурстарын топтойт. Активи ал ресурстарды ишке жумшайт.

Б.— капитализм мезгилинде карыз берүүчүлөр м-н карызга батуучулардын ортосунда далдалчы болуп, акча капиталы б-ча соода кылуучу ишканалар. Булар капиталдын айланышын, концентрацияланышын ж-а борбордоштурулушун ылдамдатып, монополиялардын пайдасын көбөйтүп, эксплуатацияны, пролетариаттын өсүшүн ж-а рев-я кыймылын күчөтөт.

Социализмдеги Б. капит. банктан түп тамырынан бери айырмаланат. Соц. өлкөлөрдөгү Б. акчанын айланышын, кредит мамилелерин тейлеп, мамл. ж-а кооператив ишканаларынын чарб.-финансы иштерин эсепке алат ж-а контролдойт. Б-дын кредит салымы өндүрүмдүү ж-а коомдук керектүү иштерге жумшалып, экономиканын өсүшүнө, элдин жыргалчылыгынын жогорулашына алып келет. Б. соц. чарбанын эсеп-кысап борбору катары ишканалардын, ишканалар м-н финансылык-банк системасынын ортосундагы эсептешүүнү уюштурат; соода ж-а экон. байланыш б-ча чет мамлекеттер м-н эсептешүүнү жүргүзөт, о. эле валюта фондусун камсыз кылат.

СССРде бардык эсептешүү ишин мамл. Б. аткарат. Эл чарбасынын капиталдык курулушун тейлөө ишн СССРдин курулуш банкына жүктөлгөн. А. ч. курулушунун банк ишин мамл. Б. тейлейт. Тышкы сооданы кредиттөө, экспорт м-н импорттогу ж-а чет мамлекеттер м-н валюталык эсептешүү СССРдин тышкы соода банкы аркылуу жүргүзүлөт. СССРдин банк системасы башка соц. өлкөлөрдүн өзгөчө шартына ылайык кеңири колдонулат.

Ад.: Маркс К., Капитал, т. 3, Маркс К. и Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 25, ч. 1, отдел 5; Ленин В. И., Империализм — капитализмдин жогорку стадиясы, Чыг., кырг. 1-бас., 22-т.; Трахтенберг И. А., Денежные обращения и кредит при капитализме, М., 1962; Атлас М. С., Развитие банковских систем стран социализма, М., 1967.

БАНКТАРДЫ МАМЛЕКЕТТЕШТИРҮҮ — жеке менчик банктарды мамлекеттин карамагына өткөрүү. Ал капит. ж-а соц. болуп айырмаланат. Б. м. үстөмдүк кылуучу таптарга пайдалуу болсо, анда бурж. өлкөлөр аны ишке ашырат. Мында Б. м. чыгымын салык аркылуу эмгекчилерге төлөтүп, андан түшкөн пайданы капиталисттер алат. Мис., 1945—46-ж. Англияда ж-а Францияда Б. м. болсо да, капит. өндүрүш жолу м-н монополисттердин үстөмдүгү сакталып ка-



ла берген. Б. м.— соц. рев-янын 1-кезекте жүргүзүүчү чечкиндүү чараларынын бири. Мына ушунда гана пролет. диктатурасы социализмди куруу үчүн зарыл экон. каражатка — банк аппаратына ээ болуп, соц. өндүрүш мамилелерин орнотууга негиз салат. Улуу Окт. соц. рев-ясы жеңгенден кийин банкирлердин жеке менчик банктары мамлекеттин карамагына алынып, коомдук менчикке айландырылган. СССРде Б. м. тажрыйбасынын эл аралык мааниси зор. Аны элдик демокр. өлкөлөр пайдаланып жатат.

БАНТЕНГ (Ribos javanicus) — ача туяктуулар тукумундагы жапайы уй. Тулкусунун уз. 2 *м*, бийикт. 1,5 *м*. Өңү күрөң, мүйүзү 40—50 *см*. Жаш Б-дин мүйүзү тайтагай, чоңунуку ич жагына ийрейип, кайкайыңкы келет.

Жапайы Б. Малакка, Индокытай ж-а-да ж-а Малайя архипелагында бар. Ал түз жерлерде ж-а токойлуу тоолордо (деңиз деңг. 2000 *м* бийиктикке чейинки) жашайт. Саны азайып, тукуму куруп баратат. Б-дин бакмасы Бали малы деп аталат. Ал эт үчүн гана өстүрүлөт.

БАНТУ ТИЛДЕРИ — Борб. ж-а Түш. Африканын (83 млн-го жакын, 1967) негизги калкы сүйлөгөн, грамматикалык ж-а сөздүк составы б-ча бири-бирине өтө жакын тилдер. Булар көп сандаган тилдерден турат. Аның негизгилери: суахили (бул тилде Танзания м-н ага чектеш өлкөлөрдөгү 50 млн-го жакын адам сүйлөйт), ньямвези, сукума, кикуйю, камба, конго, нгала (лингала), луба, мбунду, рунди, руанда, ганда (луганда), дуала, эвондо (яунде), булу, суто, чуана, о. эле шона, коса, зулу тилдери кирет. Суахили тилинин таралуу сферасы өтө тездик м-н кеңейип, тропиктик Африканын чыг. бөлүгүндөгү көпчүлүк өлкөлөрдүн калкынын өз ара байланыш каражатына айлануунда. Суахили тилинде атоочтук грамматикалык сөз түркүмдөрү кеңири өнүккөн.

БАҢГИЛИК — наркотиктерге (апийим, морфий, кодеин, наша, барбамил, ичкилик ж. б.) ашкере ышкы койгондук. Б. наркотиктерди бир жолу же дайыма кабыл алуудан келип чыгат. Наркотиктерди И. П. Павлов первди шал кылуучулар деп атаган. Дайыма кабыл алынган наркотиктер организмди уландырып ж-а дең соо-

лук үчүн өтө коркунуч туудурат. Аны кабыл алгандардын көңүлү «көтөрүлүп», күлкүсү күчөйт, көзү ала чакмактайт. Бир аз убакыттан кийин күлкүсү тыйылып, ачуусу келип, жиндепип, тегерегиндегилерге кол салууга чейин барат. Кээде баңгилер өзүнөн өзү коркуп, жалтайлай берет, айрым учурда калп айтып, байланышсыз ой жүгүртүп, ашкере көп сүйлөп кетет. 1—2 сааттан кийин шалдырап, уйкусу келе баштайт. Б-тин негизги белгилери: наркотиктерди кайталап кабыл алган адам аларды улам көбүрөөк эңсеп, кумарланып, кабыл албай коюуга эрки (абстиненция) жетпей калат. Наркотиктердин таасири бүткөндөн кийин, алардын жүрөгү, бүт денеси ж-а сөөктөрү ооруп, тердейт, тамыры тез-тез кагып, жүрөк-кан тамыр системасынын иши начарлайт, уйкусу качат, көзүнөн жаш агып, ичи өтөт, кээде талмасы кармайт. Коомдук кызыгуулары азайып, өзүнүн билимин жогорулатууну каалабай, жалкоолонот, акыл эмгеги начарлап, бат чарчайт. Б. акырында арам тамак, жатып ичерликке дуушар кылат. Б. м-н ооругандар психиатрия оорукапаларында 6 айга чейин дарыланып, андан кийин 2 жыл диспансердик байкоодо болот.

БАПАКОВ Жолаалы (1890, Кемин р-ну, Карал-Төбө кыш.,— 1918, Пишпек) — Кырг-нда Совет бийлигин орнотуу үчүн активдүү күрөшүүчүлөрдүн бири. 1918-жылдан Компартиянын мүчөсү. Орто дыйкан үй-бүлөсүнөн чыккан. Токмок ш-дагы орус-тузем мектебин (1914) бүтүрүп, Верный (Алматы) гимназиясынын даярдоо курсуна кирет. 1916-ж. үркөн эл м-н кошо Турпанга оон барып, бир жылдан кийин кайтат да, Чүй сугат системасынын курулушун жумушчу күчү м-н камсыз кылуу кызматын аткарат. Окт. рев-ясынын алдында «Букара» союзуна өтөт. Пишпекте Совет бийлигин орнотууга активдүү катышат. Пишпек уезд. советинин 1-съездине делегат болуп, анда ошол Советтин секретарлыгына шайланган. 1918-ж. жай, күз айларында Пишпек у-де коммунисттик ячейкалар түзүүгө катышат. 1918-жылдын декабрында эсерлер колдуу болуп каза тапкан.

БАПТИСТТЕР (гр. baptizo — суугa салуу, суугa салып чокундуруу) — протестантизмдин бир түрүн жактоочулар. 17-к-дын башында пайда болуп, көбүнчө Америкада ж-а Европада таралган. Б. чокунууну адамдын кудайга аң-сезимдүү түрдө ишене тургандыгын көрсөтүүчү жөрөлгө катарында карайт да, алар адамды бала кезинде эмес, эс тартып чоңойгон кезде чокундурат. Христиан дининин башка агымдарынан Б-ге кирүүчүлөр кайрадан чокундурулат. Б. христиан дининде касиеттүү деп саналган иконаны, чиркөө «сырларын», католицизмдин үрп-адаттарын (майрамдарын) четке кагат. Б. христиан динин-деги көп майрамдардан Иса пайгамбардын турмушуна байланыштуу чыккандарын гана майрамдашат. Б. эл массасынын арасында үгүт жүргүзөт ж-а ар бир баптист башка адамдарды мүчөлүккө тартууга милдеттүү. Библияны эң жог. керемет катарында көрсөтүп, аны бекем сактоого чакырат. Баптизм Россияга 19-к-дын орто ченинде Германиядан ооштон. Ал адегенде Бат. Украина м-н Кавказга тараган. Б-дин Россиядагы негизги таянычы бай дыйкандар м-н майда буржуазия болгон. Окт. рев-ясын душмандык м-н карши алып, а. ч-сын коллективдештирүүгө ж-а Совет бийлигинин башка чараларына каршы күрөш жүргүзүшкөн. Б. 1944-ж. инжил христиандары м-н «Инжил христиан-баптисттеринин чиркөөсүнө» биригишти. Б-дин Бүткүл союздук совети бар. Б. адамдын кудурети м-н акыл-эсине ишенбөөчүлүк м-н кароону, коомдун кызыкчылыгына, илим м-н мад-тка нигилисттик көз карашты үгүттөйт.

БАР БОЛУУ — к. *Экзистенциализм*.

БАР СИСТЕМАЛАРЫ — атмосферадагы төмөнкү ж-а жогорку басымдын астында турган аймактар. Б. с-нын негизгилери — басымы төмөн аймак-циклондор ж-а басымы жогору аймак-антициклондор. Алар басымдын таралышы б-ча түзүлгөн карталарда туюк изобарлар (бирдей басымды бириктирүүчү сызыктар) м-н чектелет. Ал эми туюк эмес изобарлар м-н чектелген Б. с. «коо», «кыр», «кайкы» болуп бөлүнөт. Эки изобар сызыгынын ортосу «бар талаасы» деп аталат. Б. с-нын өлчөмү ар түрдүү, бирок адатта материктердей, океандардай же алардын чоң бөлүктөрүндөй келет. Алар жыл мезгилине ж-а мейкиндикке жараша өзгөрөт. Аба агымы, булут, жаан-чачын, темп-ранын таралышы Б. с-на тыгыз байланыштуу.

БАРАБА ТАЛААСЫ — Бат. Сибирь түздүгүнүн Обь—Иртыш суу айрыгындагы (Новосибирск ж-а Омск обл-тарынын аймагында) токойлуу талаа. Аянты 117 миң $км^2$ ге жакын. Жеринин бети дөңсөөлүү, бийикт. 100—150 *м*. Күл ж-а шор топурактуу келип, шалбаалуу тулаң м-н кайың токою каптап жатат. Чуңкур жерлерин туздуу ж-а тузсуз көлдөр (Чаны, Уба, Сартлан ж. б.), мохтуу саз ж-а шор аянттары ээлейт. Б. т.— Бат. Сибирь түздүгүндөгү дыйканчылыктын ж-а сүт багытындагы мал чарбачылыгынын ири району.

БАРАБАН — урма муз. аспап. Ичи көңдөй, тегерек формада жасалып, бир же эки бети тери м-н капталат. Б. байыркы убакта кабар берүүчү аспап катары да колдонулуп, бийди, жүрүштөрдү, диний ырым-жырымдарды коштогон. Үйлөмө аспаптар м-н симфониялык оркестрде Б-дын эки түрү — чоң, кичине (аскердик) пайдаланылат. Чоң Б. жоон, кубаттуу, кичине Б. такылдаган ичкерээк добуш берет.

БАРАБАН — машинанын көңдөй цилиндр формасындагы айлануучу бөлүгүнүн жалпы аты. Машиналарга орнотулуп, маал-маал же тынымсыз айлануучу Б-дар тазалоочу, кургатуучу ж-а жуугуч болуп бөлүнөт. *Тазалоочу* Б. калыпка куюлган ташикке жабышкан топуракты кетирүү, *кургатуучу* Б. чубурма материалдар м-н текстиль товарларын кургатуу үчүн колдонулат. *Жуугуч* Б.— булгаары ж-а тери өндүрүшүндө негизги аппараттардын бири. Булгаары өндүрүшүндө терини жибитүү, ашатууда БЗБ, кийлеп өңдөөдө «Гигант», БГБ, БХВ ж-а боёп майлоо үчүн БЖБ маркасындагы Б-дар колдонулат.

БАРАБАРСЫЗДЫК — сандардын же ар кандай чоңдуктардын кайсынысы чоң экендигин көрсөтүүчү катнаш. Б-та учтуу жагы кичине санга багытталган белги колдонулат. Мис., $2>1$ же $1<2$. a саны b санынан чоң же барабар дегенди $a \geq b$ же $b \leq a$ түрүндө жазабыз. Б. бир нече касиетке ээ. Б-тын 2 жагына бирдей санды кошсок (же кемитсек), 2 жагын бирдей оң санга көбөйтсөк (же бөлсөк), Б. өзгөрбөйт. Ал эми Б-тын 2 жагын терс санга көбөйтсөк, анда Б. карама-каршысына өзгөрөт. $A<B$ ж-а $C<D$ дан, $A+C<B+D$ ж-а $A-D<B-C$ келип чыгат. Эгерде A, B, C, D оң сандар болсо, анда $A<B$, $C<D$ дан $AC<BD$ ж-а $\frac{A}{D}<\frac{B}{C}$ Б-тары келип чыгат ж. б. Азыркы учурда Б. математиканын көп бөлүктөрүндө, айрыкча экстремумдук маселелерде, жакындаштырып чыгарууда, чамалоодо ж-а асимптотикалык формулаларда кездешет.

Ад.: Коровкин П. П., Неравенства, 3 изд., М., 1966; Харди Г. Г., Литтльвуд Дж. Е., Полиа Г., Неравенства, пер. с англ., М., 1948.

БАРАКЧА — агитациялык-саясий же информ. мүнөздөгү басма ариптүү тексти бар баракча. Б. китеп басуу чыккандан кийин пайда болуп, адегенде мамл. буйруктар жарыяланган.

Россиянын биринчи рев-ялык Б-лары Лондондо чыгарылган. Б. 1860—70-ж. «Жер жана эркиндик», «Эл азаттыгы» жашырын рев-ялык коомдору ж-а туңгуч рев-ялык ийримдер тарабынан өлкө ичинде да, чет жерлерде да чыгарылып турган. Б-ны В. И. Ленин башында турган Петербург «Жумушчу табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш союзу» да рев-ялык ишинде кеңири пайдаланган. Б. айрыкча 1905—07-ж. рев-яда, Окт. рев-ясын даярдап, ишке ашырууда массалык түрдө чыгарылып, жумушчуларды ж-а эмгекчи дыйкандарды падышачылыкка, буржуазияга каршы рев-чыл күрөшкө үндөгөн. Б. ар түрдүү жашыруун жолдор м-н көбөйтүлгөн. Алгачкылары кол м-н жазылып, кийин гектографта ж-а подполдук басмаканаларда басылган. Совет бийлигинин жылдарында бардык эле большевиктик басма сөз сыяктуу Б.

да завод-фабрикаларда, колхоздордо өндүрүштүк планды аткаруу үчүн жүргүзүлгөн күрөштө агитатордун ж-а уюштуруучунун милдетин аткарат. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында «Совет Родинасынан маалыматтар», «Фронттон маалыматтар» деген ат м-н атайын Б. чыгарылып турган. Ө. ж. м-н а. ч-сындагы ийгиликтерди даңазалап, өкмөт м-н партиябыздын саясатын ишке ашыруу үчүн коомчулукту шыктандырууда Б-лардын азыр да мааниси чоң.

БАРАНСКИЙ Николай Николаевич [15(27). 7. 1881—29. 11. 1963] — сов. экон.-географ, коомдук ишмер, СССР ИАнын мүчө-корр. (1939), МГУнун проф. (1929), РСФСРдин илимге эмгек сиңирген ишмери (1943), Соц. Эмг. Баатыры (1962). 1898-жылдан коммунист (1917—20-ж. коммунисттердин катарынан чыгып, меньшевик-интернационалист болгон). 1901—07-ж. рев-ялык кыймылга катышкандыгы үчүн бир нече жолу камалган. РСДРПнин Таммерфорс конф-ясына (1905) катышкан. 1914-ж. Москвадагы коммерция ин-тун бүтүргөн. 1918-жылдан экон. география б-ча ил. иштерин улантып. маркстик экон. географиядагы райондоштуруу багытына негиз салган. Москва мамл. ун-тинде экон. география кафедрасын ж-а географ. ф-тетин уюштурган. СССРдин экон. географиясы б-ча окуу китептерди жазган. 1935-жылдан 16 жолу басылып чыккан 8-кл. үчүн окуу китеби 1952-ж. СССР Мамл. сыйлыгына татыктуу болду. Экон. география ж-а экон. картографиянын теориясы м-н методологиясы ж-дөгү эмгектердин автору. Ал 3 Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАРАҢ — дарысы, огу оозунан дүрмөттөлүп, милте же пистон м-н атылуучу калың, узун найлуу, шыйрактуу, сайлуу мылтык. Б. 14-к-да пайда болуп, жоокерчиликте, мергенчиликте кеңири колдонулган. Алгачкы Б-дар милте м-н, кийинчерээк пистон м-н атылган. Кыргыздын мыкты усталары Б. жасашкан. Кийин пистондуу мылтыктар көбөйгөн соң Б-ды пайдалануу азайып, акыры жок болгон. Азыр музейлерде гана кездешет.

БАРАТАШВИЛИ Николоз Мелитонович [15(27). 12. 1817—9(21). 10. 1845] — грузин акыны. Дворяндын үй-бүлөсүндө туулган. Б-нин чыг-лары (37 ыр, 1 поэма) көзү өткөндөн кийин (1852) жарык көргөн. Грузин ад-тында Шота Руставелиден кийинки классик катары калган акын. Анын поэзиясы — грузин романтизминин жеткен бийиктиги. Б-нин негизги темалары: грузин элинин тагдыры («Грузиянын тагдыры» поэмасы), жеке адам м-н коомдун ортосундагы конфликт («Мтацминадагы кеч», 1836; «Кура боюнда толгонуу», 1837), акыл м-н акыйкаттын салтанатына бекем ишенүү («Мерани», 1842), түпкүлүктүү турмуш маселелери ж-до филос. ой жүгүртүүлөр. Б. грузин ырынын поэтикасын жаңыртып, анын филос. тереңдигин, музыкалуулугун, пластикалуулугун арттырган, көркөм каражаттарын байыткан.

Ад.: Огнев В., Мятежный дух свободы, «Вопросы литературы», 1968, № 12.

БАРАТОВ Рауф Баратович (10. 10. 1921-ж. т.) — сов. геолог-петрограф, Тажик ССР ИАнын акад. (1968), геол.-минералогия илимд. доктору (1966), проф. (1967). 1949-жылдан КПСС мүчөсү. О. Азия мамл. ун-тин (САГУ) бүткөн (1945). 1953-жылдан Тажик ССР ИАнын Геол. ин-тунa директор. Б. Таж-ндагы магма тоо тектеринин петрология ж-а металлогениясы б-ча көрүнүктүү адис. Негизги ил. эмгектери Түш. Таж-н, Памир ж-а Түш. Өзб-ндын геологиясына, магматизми м-н металлогениясына арналган. Алардын айрымдарында Кырг-ндын түштүк-бат. аймагынын геологиясына тийиштүү маселелер да козголот. Б. Ысар — Алай аймагында магматизмдин пайда болуу, өөрчүп-өнүгүү ж-а андагы *эндоген кендеринин* таралуу закон ченемин аныктаган. Сейрек ж-а түстүү металлдар м-н флюорит кендерин издөө б-ча көп сунуш киргизген. Б. Тажик ССР Ибн-Сина атн. Мамл. сыйл. лауреаты (1970).

БАРБАДОС — Вест-Индиядагы мамлекет. Кичи Антиль а-дарынын тобундагы Барбадос а-да. Аянты 430 $км^2$. Калкы 258 миң (1971), негизинен негрлер, элдин көпчүлүгү христиан дининде, мамл. тили — англис тили. Борбору ж-а негизги порту — Бриджтаун.

Мамлекеттик түзүлүшү. Б.— Британдык Ынтымактын составындагы доминион. Азыркы конституциясы 1966-ж. кабыл алынган. Мамлекет башчысы — англ. король, бийликти ал дайындаган ген.-губернатор жүргүзөт. Закондуу парламент чыгарат, ал чогулуш палатасынан ж-а сенаттан турат. 18 жашка толгон бардык граждандар шайлоого катышат. Б-тун өкмөтү — премьер-министр башында турган мин. кабинети.

Табияты. Арал коралл рифтери м-н курчалган. Аралдын үстү тектирчеленип, көтөрүлүп олтурат, эң бийик жери — ортосу (340 *м*). Климаты тропиктик, пассаттуу, жылдык орт. температурасы 25—27°С, жаан-чачыны 1400 *мм*. Топурагы күлдүү күрөң, кызыл; тропик өсүмдүктөрү өсөт.

Тарыхый очерки. Б-ту 1518-ж. испандыктар ачышкан ж-а түктүү курма жыгачтары көп өскөндүктөн, Барбадос (исп. barbado— түктүү) деп аташкан. Б-тун жерг. эли — индеецтерди (аравак ж-а кариб урууларын) кул катары өздөрүнүн башка колонияларына алып кетип турушкан. Б-ко 1605-ж. англичандар келе баштайт. 1625-ж. өздөрүнүн колониясын негиздеп, тамеки плантацияларын түзүшөт. 1628-ж. Бриджтаун ш-нын негиздешет. 17-к-дын 30-жылдарында Бразилиядан бал камышынын алынып келинишине байланыштуу Африкадан кулдарды алып келе баштайт. 1640-ж. Б-тун калкы 6 миң негр, 37 миң европалык болсо, 1786-ж. негрлер 62 миңге чейин өсүп, европалыктар 15 миңге азайган. Б-то бир нече жолу антиангл. көтөрүлүштөр чыгып, 1838-ж. кулчулук жоюлган. 1876-ж. куралдуу көтөрүлүш чыгып, федерация түзүүгө болгон аракет ишке ашкан эмес. 20-к-дын 30-жылдарында улуттук-бошт. кыймылы күчөйт. 2-дүйн. согуштан кийин (1939—45) Б-то 1-саясий партиялар түзүлүп, алар көз каранды эместикти берүү талабын коюшат. Б-ту улуттук-бошт. кыймылынын өсүшүн токтотуу максатында Улуу Британия түзгөн Вест-Индия федерациясына 1958—62-ж. киргизет. 1961-ж. Б. өзүн өзү башкаруу укугун алат. 1966-ж. Брит. Ынтымактын рамкасында көз каранды эместик берилет. Б.— ООНдун ж-а эл аралык башка уюмдардын мүчөсү.

Экономикасы. Б.— агрардык өлкө. Экон. жагынан Улуу Британия, АКШ ж-а Канадага көз каранды. А. ч-на аянтынын 70%нен ашыгы пайдаланылат. Негизги а. ч. өсүмдүгү — бал камыш. Багбанчылыгы өнүккөн (манго, авокадо, гуаява ж-а цитрус). Мал чарбасында көбүнчө кой, эчки, чочко багылат. Балык кармашат. Ө. ж-да көбүнчө кант өндүрүлөт (20 кант, 3 ром з-ддору бар). Кирешенин бир тобу туризмден түшөт. Сыртка кант, шире, ром чыгарса, сырттан жабдык, трансп. куралдарын, отун ж-а тамак-аш алат. Акча бирдиги — чыгыш кариб доллары=0,5 доллар (АКШ).

Саламаттык сактоосу. 1965-ж. ар миң адамга төрөлгөндөр 26,1ди (1957-ж. 31,7), 1967-ж. өлгөндөр 8,8ди (1955—59-ж. 10,5), 1965-ж. балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөндөргө 39,5ти (1945—59-ж. 152) түзгөн. Саламаттык сактоонун негизги проблемалары — туберкулёз, витамин ж-а белоктун жоктугуна байланыштуу оорулар м-н күрөшүү. 1964-ж. 1,4 миң койкалуу 10 оорукана да (6 мамл., 4 жеке менчик) 94 врач болгон.

Эл агартуусу. Б-тун эл агартуу системасы Англияныкына окшош. Башталгыч мектеби — 6, орто мектеби 5 жылдык. Ун-тке кириш үчүн орто мектептин кошумча 2—3 жылдык жогорулатылган курсун бүтүү керек. Башталгыч билим алуу милдеттүү болбосо да, балдардын баары дээрлик окушат. Окуу англис тилинде, акысыз. Кесиптик даярдыктын мектептери башталгыч мектептин базасында иштейт. 1963-ж. Бриджтаунда Иск-во ж-а илим колледжи ачылган, ал — Вест-Индия ун-тинин Тринидау ж-а Ямайка а-дарындагы бөлүмү. Бриджтаунда элдик китепкана, ун-ттин китепканасы, музей, анын алдында ил.-тарыхый коом иштейт.

Адабият жана искусствосу. Жазма ад-т (англис тилинде) 20-к-дын 40-жылдарында өнүгө баштаган. Адегенде поэзия өнүктү. Х. А. Воан, Ф. Э. Коллимор ж. б. акындардын чыг-ларында вест-индиялык мотивдер күчтүү. Новеллисттердин (К. Сили, Э. Уолкотт, К. М. Хоуп ж. б.) чыг-ларында Б. эмгекчилеринин оор турмушу сүрөттөлөт. Китеп өтүмүнүн төмөндүгүнө байланыштуу көп жазуучулар Б-ту таштап кетишкен. Дж. Лемминг (Англияда) «Тери-челимдин туюгунда» (1953), «Тобокел мезгили» (1960) романдары Вест-Индиядагы мамлекеттердин улуттук-бошт. кыймылына арналган. О. Кларктын (Ка-



А. Барбюс.



И. П. Бардин.

нада) «Стачкадан кийин аман калгандар» (1964) ж. б. романдары Б-тун кедейлери ж-дө баяндайт. Бриджтаунда 18-к-дагы бир катар имараттар бар, алар: Өкмөт үйү, Сент-Майкл собору. 20-к-дын орто ченинде азыркы стилде салынган мин-волор имараты, порт курулуштары, соода мекемелери, отелдер бар.

Ад.: Гальперина Е., Бури и штили Карибского моря, «Вопросы литературы», 1963, № 10.

БАРБАМИЛ — барбитураттардын тобуна кирген уктата турган дары, к. *Уктатуучу дарылар.*

«БАРБАРОСС ПЛАНЫ» («Ыйык Рим империясынын» императору Фридрих I Барбароссунун атынан) — СССРге каршы фаш. Германиянын согуш планынын шарттуу аталышы. Согуш жолу м-н Сов. Союзун жок кылуу герм. империализм м-н фашизмдин бүткүл дүйнөгө өзүнүн бийлигин орнотуу программасынын эң маанилүү бөлүгү болгон. Гитлердин 1940-ж. 21-июлдагы буйругу б-ча, СССРге каршы согуш ачуу планын даярдоо милдети кургак жердеги аскерлердин башкы командованиесине тапшырылып, Генштабынын начальниги ген.-полк. Ф. Гальдер иштеп чыккан. Анын акыркы варианты 1940-ж. 5-декабрда бекитилген. Планда сов. аскерлердин негизги бөлүгүн Днепр ж-а Бат. Двина д-сынын бат. тарабында талкалоо, андан соң Москва, Ленинград, Донбассты басып алып, Архангельск—Волга—Астрахань линиясына чыгуу каралган. Москваны басып алууга бөтөнчө маани берилген. Бул планды жүзөгө ашыруу үчүн фашисттер 1941-ж. 22-июнга карата СССРдин чек арасына 5,5 млн-дон ашык адам, 3712 танканы, 47260 ар түрдүү атуучу курал ж-а миномет, 4950 согуш самолетун топтошкон. Бирок «Б. п.» ордунан чыкпай калды. Ага СССРдин саясий экон. күч-кубатын, сов. элдердин моралдык-саясий биримдигин фаш. саясатчылардын жеткире баалабагандыгы, фаш. Германиянын мүмкүнчүлүктөрүн ашыра баалоолору себеп болду.

БАРБИТАЛ, в е р о н а л — тынчтандыруучу ж-а уктатуучу таасири бар дары. барбитур к-тасынын туундусу.

БАР-БУЛАК — Ысык-Көл обл-нын Тоң р-нундагы Ак-Терек сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Ысык-Көлдүн түш. жээгинде, Рыбачье—Пржевальск шоссе жолунун боюнда. Р-ндун борбору Бөкөмбаевден 41 *км* бат. тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 50 *км*. Калкы 506 (1972). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

БАРБЮС Анри (17. 5. 1873—30. 8. 1935) — француз жазуучусу, коомдук ишмер. 1923-жылдан Франция компартиясынын мүчөсү. Чыг-лары 1890-жылдан жарыялана баштаган. 1916-ж. фронтто жүрүп, айтылуу «От» романын жазган. Б-тун согуш анаатына каршы жазылган «От» ж-а «Айкындык» (1919) романдарын В. И. Ленин жогору баалаган. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңиши Б-тун өмүрү ж-а чыг-лыгына зор таасирин тийгизген. Сов. Союзуна бир нече жолу келип, ага арнап социализмди куруп жаткан жаңы мамл. ж-дө көптөгөн очерктер жазган. Б. импер. согушка каршы Бүткүл дүйн. конгресске (Амстердам, 1932), согушка ж-а фашизмге каршы күрөшүүчүлөрдүн Бүт. дүйн. комитетине (1933) башчылык кылган. Мад-тты коргоо б-ча жазуучулардын эл аралык конгрессинин ишине ж-а аны даярдоого активдүү катышкан (Париж, 1935). Б-тун чыг-лары СССР элдеринин көп тилдерине которулган.

Чыг.: Огонь. Ясность. Правдивые повести, М., 1967.

Ад.: Гуро И., Фоменко Л., А. Барбюс, М., 1962.

БАРГУЗИН КОРУГУ — Бурят АССРиндеги Баргузин кырка тоосунун бат. капталында, Байкал көлүнүн түн.-чыг. жээгинде жайгашкан корук. Аянты 248,2 миң *га*. Баргузин булгунун сактоо ж-а көбөйтүү максатында 1916-ж. түзүлгөн. Бул жердин тоолуу-тайгалуу ландшафттары да корулат. Б. к-да багыш, кабарга, күрөң аюу, суур, көкилик, чил бар, көл жээгинде түлөн жашайт. Агын сууларында омуль, осетр, хариус, таймень, ленок ж. б. балыктар көп.

БАРГУЗИН КЫРКА ТООСУ — Байкалдын түн.-чыг. жээгин бойлой Чивыркуй булуңунан Жог. Ангара д-на чейин созулуп жаткан кырка тоо. Уз. 280 *км*. Орт. бийикт. 2000 *м* (эң бийик жери 2840). Протерозойдун алгында пайда болгон гранит ж-а кристаллдык сланецтерден түзүлгөн. Чыг. капталы тик, батышы жантайыңкы. Байыркы муз доорунун издери сакталган. Тоонун бат. беттеринде 1200—1400 *м*, чыгышында 1400—1800 *м* ге чейин тайга өсүмдүктөрү өсөт. Андан жогору субальпы ж-а альпы шалбаасы, тоо тундрасы жатат. Минералдык булактары көп.

БАРГЫ — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Савай сельсоветине караштуу кыштак; Таширов атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Кара-Суудан 4 *км* түш.-чыг. тарапта. Калкы 807 (1973). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

БАРДИН Иван Павлович (13. 11. 1883—7. 1. 1960) — сов. металлург, СССР ИАнын акад. (1932), Соц. Эмг. Баатыры (1945). Киев политех. ин-тун бүтүргөн (1910). 1910—11-ж. АКШ з-ддорунда, кийин Россиянын түштүгүндөгү металлургия з-ддорунда жумушчу. 1929—36-ж. Кузнецк металлургия комбинатынын курулушунун жетекчилеринин бири, 1937-ж. кара металлургия тармагына жетекчи. СССР ИАнын Металлургия ин-тунун (1939) ж-а Борб. кара металлургия ил. из. ин-тунун (1944) директору. 1960-ж. бул ин-т Б-дин ысмына коюлган. 1942-ж. СССР ИАнын вице-президенти. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында (1941—45) СССРдин чыг. р-ндорунун ресурстарын өлкөнүн коргоо талабына мобилизациялоого жетекчилик кылган. СССР Жог. Советинин 1—5-шайл. депутаты, СССР Мамл. (1942, 1949), Лениндик (1958) сыйл. лауреаты, 7 Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАРДО ДОГОВОРУ — 1881-ж. Тунисте франц. колониялык үстөмдүктүн башталышын негиздеген Франция-Тунис договору. 12-майда Тунис ш-нын жанындагы Бардодо кол коюлган. Б. д-на ылайык франц. аскерлер Тунисте каалаган пункттарын оккупациялоого, өлкөдө франц. министр-резиденттин бийлигин орнотууга Тунис бейи «макул болгон», Франциядан уруксатсыз эч кандай эл аралык договор түзбөөгө милдеттенген. «Коркунуч пайда болгондо», Франция бейге ж-а анын династиясына жардамдашууга убада берген. 1883-ж. 8-июнда Ла-Марстагы конвенция Б. д-н толуктап, Франциянын Тунистеги формалдуу протекторатын белгилеген. 1956-ж. 20-мартта Тунис көз каранды эместикке жетишкенден кийин, Б. д. жоюлган.

«БАРДЫК ӨЛКӨЛӨРДҮН ПРОЛЕТАРЛАРЫ, БИРИККИЛЕ!» — дүйнө жүзүндөгү пролетариаттын эл аралык рев-чыл девизи, социалдык ж-а улуттук эзүүдөн куткаруу үчүн рев-чыл күрөштүн туусу астында бардык өлкөлөрдүн жумушчу табы м-н эмгекчилерин баш коштуруучу кужурмөн ураан; ал *пролетардык интернационализмдин* ачык-айкын көрүнүшү болуп саналат. Бул ураанды 1-жолу К. Маркс м-н Ф. Энгельс көтөргөн ж-а *Коммунисттер союзунун* девизи катары 1847-ж. бекитилген. Маркс м-н Энгельс жазган *«Коммунисттик партиянын манифести»* (1848) ушул ураан м-н аяктайт.

БАРДЫКМА (Hemiplegia laryngis) — малдын энтиктирме дартынын бир түрү. Бул көбүнчө жылкыда кезигет. Мында дарттуу мал дем алганда ышкырык пайда болот. Кээ бир жугуштуу ылаңдардын ылаңдаткычтарынын токсиндери Б. себепкери деп божомолдонот. Улаарма Б-ны коорсуз айыктырууга даба жок, бирок шалга каршы колдонулуучу дарылар жардам берет. Кээде операция жасалат.

БАРЕЛЬЕФ — скульптуранын бир түрү. Б. архит. курулуштарды ж-а декоративдик буюмдарды кооздоодо

кеңири колдонулат. Б-түү сүрөттөр көбүнчө эстеликтердин постаменттеринде, мемориал такталарда, монеталарда ж-а медалдарда болот.



О. М. Мануйлова. «Манас» эпосунун темасына барельеф.

БАРЕНЦ ДЕҢИЗИ — Түн. Муз океанын четки деңизи. Европанын түн. жээги м-н Вайгач, Жаңы Жер, Франц-Иосиф жери, Шпицберген ж-а Аюулуу а-дарынын ортосунда. Аянты 1405 миң *км*^{2}, суусунун орт. көлөмү 282 миң *км*^{3}, орт. тереңд 200 *м*. Жээктери көбүнчө фьорддуу, бийик жарлуу, булуң-буйткасы өтө көп. Канин Тумшук ж. а-нын чыгышы түзөң. Булуң-буйткасы аз. Ири булуңдары: Порсангер-фьорд, Варангер-фьорд, Кола ж. б. Деңиздин түбү кум-шагылдуу. Б. д-нин климаты Атлантика океанынын жылуу ж-а Түн. Муз океандын муздак агымдарынын таасиринен өзгөрүп турат. Кышында түш.-бат., жазында ж-а жайында түн.-бат. шамалдары басымдуулук кылат. Февралдын орт. темп-расы түндүгүндө —25°С, түш.-батышында —4°С; августта түндүгүндө 0°С—1°С, түш.-батышында 10°С. Жыл бою күн бүркөк болот. Жылдык жаан-чачын түштүгүндө 250 *мм*, түш.-батышында 500 *мм*. Суткасына 2 жолу ташкындайт. Толкундун бийиги Кола ж. а-нын жээктеринде 6,1 *м*, башка жерлеринде 0,6—4,7 *м* ге жетет. Деңиздин түш.-бат. бөлүгүнө Атлантика океанынан жылуу агым келгендиктен, суунун темп-расы бир кыйла жогору. Мында февр.— мартта суунун үстүңкү катмарларынын темп-расы 3°С, 5°С, августта 7—9°С ге жогорулайт. Деңиздин түш.-чыг. бөлүгү м-н 74° түн. кеңдиктен түндүгүрөөк кышында суунун үстүңкү катмарларынын темп-расы — 1°Сден төмөн, жайында түндүгүндө 4°С, 0°С, түш.-чыгышында 4°С, 7°С. Тузд. түш.-батышында 34,2—35,0‰, чыгышында 33,0—34‰, түндүгүндө 32—33,0‰. Деңиздин түш.-батышы гана жыл бою тоңбойт. Түн.-батышы ж-а түн.-чыгышында муз жыл бою жатат, бирок айрым жылуу жылдары деңиздеги муз толугу м-н эрийт. Балыктын 114 түрү бар. Сүт эмүүчүлөрдөн ак аюу, нерпа, гренландия түлөнү, белуха ж. б. Канаттуулары: кайра, чистик, ак чардак ж. б. Б. д. СССРдин европ. бөлүгүн бат. ж-а чыг. өлкөлөрү м-н байланыштырат. Балык уулоо өнүккөн. Негизги порту — Мурманск, тоңбойт. Б. д. голл. деңиз саякатчысы В. Баренцтин ысмына коюлган.

БАРЖА (фр. barge) — сүйрөгүч (буксир) же түрткүч аркылуу жылдырыла турган жүк ташуучу кеме. Б. суюк (мис., нефть) ж-а катуу жүк ташыгыч болуп бөлүнөт. Ички суу катнаштарында жүк ташуунун негизги каражаттарынан болуп эсептелет да, деңизде сейрек колдонулат. Б. негизинен болоттон жасалып, нефть куюлуучу Б. 12 миң *т* га, жүк салынуучу Б. 5 миң *т* га чейин жүк ташый алат.

БАРИ Антуан Луи (1795—1875) — франц. скульптор ж-а живописчи. Романтизмдин өкүлү, пейзаж м-н айбандар скульптурасын көп тарткан. Б-нин скульптураларында айбандардын алышып, жаалданып жаткан учуру чебер берилген. Белгилүү чыг-лары: «Крокодилди айра тарткан жолборс» (1831), Париждеги Июль колоннасындагы «Арстан» рельефи (1836) ж. б. Алар колодон куюлган.

БАРИЙ (лат. Baryum), Ва — мезгилдик системанын II тобундагы хим. элемент, ат. н. 56, ат. м. 137,34. Б-ди швед окумуштуусу К. Шееле 1-жолу (1774) Б. кычкылы (BaO) түрүндө тапкан. Металл түрүндөгү Б-ди англ. химик Х. Дэви $Ba(OH)_2$нин электролиздөөдөн алган (1808). Б.— күмүш түстүү, жумшак ак металл, эрүү t 710°С, кайноо t 1640°С. Ал жегич жер металлдарга кирет, хим. касиети *кальций, стронцийдикине* окшош. Бирикмелеринде 2 валенттүүлүктү көрсөтөт, хим. активдүү металл. Абада тез кычкылданып, жука кычкыл кабыкча пайда болот. Суу м-н оңой реакцияга кирип, барий суу кычкылына — $Ba(OH)_2$ге айланат. Б. галогендер ж-а күкүрт м-н галогениддерди $BaCl_2$ ж-а сульфидди BaS, суутек м-н гидридди BaH_2 пайда кылат. Ө. ж-да металл түрүндөгү Б. BaOну алюминийдин күкүмү м-н калыбына келтирүүдөн алынат: $4BaO+2Al=3Ba+BaOAl_2O_3$. Б. ж-а анын Mg, Al м-н куймалары вакуум техникасында, металлургияда, Pb м-н куймасы типогр. ариптерин даярдоо үчүн керектелет. Б-дин өтө кычкылы BaO_2 суутектин өтө кычкылын алуу, жибек ж-а өсүмдүк булаларын агартуу; сульфиди BaS тери жыдытуу үчүн колдонулат.

БАРИЙ ПОРОШОГУ, к. *Барий сульфаты.*

БАРИЙ СУЛЬФАТЫ, $BaSO_4$ — күкүрт к-тасынын барий тузу, түссүз кристалл. Эрүү t 1580°С. сууда эрибейт, концентрацияланган H_2SO_4 жакшы эрийт. Жаратылышта *барит* минералы түрүндө кездешет. Ал — барийди ж-а анын бирикмелерин алуу үчүн негизги сырьё. Б. с. рентген нурларын жакшы сиңиргендиктен, ашказан, ичегини рентгендин жардамы м-н изилдөөдө колдонулат.

БАРИЙ СУУ КЫЧКЫЛЫ, ж е г и ч б а р и й, $Ba(OH)_2$ — түссүз кристаллдык негиз. Кадимки шартта $Ba(OH)_2 \cdot 8H_2O$ түрүндө болот. Сууда жакшы, 78°Сде өзүнүн кристаллдашкан суусунда да эрийт. Эритмеси күчтүү жегичтик касиетке ээ. Кадимки температурадагы каныккан суу эритмеси барит суусу деп аталат. Ал абадагы CO_2 м-н кошулуп, барий карбонаты түрүндө чөгөт. Б. с. к. карбонат ж-а сульфат иондорун табууда, кант жасоодо колдонулат.

БАРИЙ ХЛОРИДИ, х л о р д у у б а р и й, $BaCl_2$ — түссүз кристаллдык туз. Кадимки шартта сууда жакшы эрүүчү дигидрат $BaCl_2 \cdot 2H_2O$ түрүндө жолугат. Аны 100°Сге чейин ысытканда, суусу жоголот. Суусуз Б. х. 960°С де эрийт. Барий ж-а кальций хлоридинин аралашмасына көмүр кошуп ысытуудан алынат. Булгаары ө. ж-да, аналит. химияда ж-а а. ч. зыянкечтерин жок кылуу үчүн колдонулат.

БАРИОНДОР (гр. barys — оор) — спини жарым бүтүн сан ж-а массасы протондукунан кем болбогон оор элементардык бөлүкчөлөрдүн группасы. Ага протондор, нейтрондор, гиперондор ж-а бариондук резонанстар кирет. Б-дун ичинен протон гана туруктуу. Калгандары удаалаш ажыроонун натыйжасында протонго ж-а жеңил бөлүкчөлөргө айланат. Б-до өз ара күчтүү аракеттенүүлөр болот, бул Б-дун атом ядросу м-н активдүү аракеттенишин шарттайт.

БАРИТ, о о р ш п а т — сульфаттар классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы $BaSO_4$. *Ромб системасында* кристаллданат. Өңү ак, боз, көгүлтүр, кызгылт, ачык кызыл, кээде түссүз, айнек сымал жалтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3—3,5. Салышт. салм. 4,5. Гидротерм кендеринде кварц, флюорит ж. б. м-н бирге же өз алдынча тарамдар, ал эми чөкмө тоо тектерде цемент, конкрециялар түрүндө кездешет. Кагаз, резина, булгаары, оптика, кант ө. ж-да ж-а жогорку сорттуу ак боёк даярдоодо, медицинада колдонулуучу барий туздарын алууда, о. эле бургулоо иштеринде пайдаланылат.

БАРИТОН (гр. barys — оор ж-а tonos — тон) — 1) жоон ж-а ичке үндөрдүн ортолугундагы эркектердин коңур үнү. Лирикалык Б. мүнөзү жагынан тенорго, ал эми драмалык Б. баска жакын келет. 2) Добушу өтө жоон кылдуу аспап. 3) Сүйрү формадагы жез аспап.

БАРКАРОЛА (итал. barka — кайык) — итал. кайыкчылардын ырларынын баштапкы аты. Кийин кайыкта сейилдеп ырдагандагы ырлардын баары Б. атына көчкөн. Музыкасы ачык, лирикалуу, жай, салмактуулугу м-н айырмаланат. Б. Ф. Шуберт, М. И. Глинка, Ф. Шопен, П. И. Чайковский ж. б. композиторлордон ж-а италия-француз операларынан да кездешет.

БАРКЛАЙ-ДЕ-ТОЛЛИ Михаил Богданович (1761—14. 5. 1818) — орус ген.-фельдмаршалы (1814). Ата Мек. согуштун баатыры (1812), князь (1815)



М. Б. Барклай де-Толли.



В. П. Вармин.

Ригага көчүп келген илгерки шотландиялык уруудан. Орус-түрк (1787—91) ж-а орус-швед согуштарына катышкан. Ата Мек. согушта 1-Чыг. армиясынын командачысы болгон, ага 2-Бат. армиясы да баш ийген. Бородино салгылашуусунда орус армиясынын оң тарабына командачылык кылып, согуштук жог. чеберчиликти ж-а эр жүрөктүүлүктү көрсөткөн. 1813-ж. 3-Армияга, андан кийин орус-пруссия аскерлерине командачы болуп, алардын чет өлкөлөргө жасаган жортуулдарына жетекчилик кылган.

БАРКОВА Ульяна Спиридоновна (3. 1. 1906-ж. т.) — Кострома обл-дагы «Караваево» с-зунун уй фермасынын бригадири (1943). Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1951). 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. 1917—25-ж. жалданып иштейт. 1925—43-ж. саанчы. 1935-ж. сабатсыздыкты жоюу курсун бүтүрөт. Ал 1947-ж. 16 уйдун ар биринен 6047, 1948-ж. 24 уйдан 6277, 1949-ж. 56 уйдан 6404 ж-а 1950-ж. 40 уйдан 7386 *кг* дан сүт саап алган. Б.— персоналдык пенсионер. 4 Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАР-КОХБА (байыркы еврейче — жылдыздын уулу) — 132—135-ж. римдиктерге каршы Иудеяда чыккан көтөрүлүштүн согуш жетекчиси Симондун ылакап ысмы. Көтөрүлүшчүлөр 50 чепти басып алышканы м-н, римдик кол башчы Юлий Северден жеңилип калышкан. Б.-К. курчоого алынган Бетара ш-ын коргоодо курман болгон. 1952-ж. Мураббаат үңкүрүнөн Б.-К-нын өтөл кезде жазган каты табылды. Иешуа бен-Галголдун аскер башчысына арналган ал катта Б.-К.: «христиандарга тийбегиле»,— деп буйрук берген экен.

БАРМИН Владимир Павлович (17. 3. 1909-ж. т.) — сов. илимпоз, механика ж-а машина куруу б-ча адис, СССР ИАнын акад. (1966; 1958-ж. мүчө-корр.). Соц. Эмг. Баатыры (1956). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. 1930-ж. Москва жогорку тех. окуу жайын (МВТУ) бүтүрүп, «Компрессор» з-дунда иштейт. 1941-ж. конструкторлор бюросунда начальник ж-а башкы конструктор. 1931-жылдан бери МВТУда сабак берет (1960-жылдан проф.). Негизги эмгектерин компрессор куруу, муздатуу техникасынын маселелери ж. б. б-ча жазган. СССР Мамл. (1943, 1964) ж-а Лениндик (1957) сыйл. лауреаты. 5 Ленин ордени, башка 2 орден, медалдар м-н сыйланган.

БАРНАУЛ — РСФСРдин Алтай крайынын борбор шаары. Барнаулка суусунун Обь д-на куйган сол жээгинде. Калкы 439 миң (1970), т. ж. тоому, пароход пристаны. Бат. Сибирдеги ири о. ж. ж-а маданий борбор. Машина куруу (буу казандары, дизельмоторлор, металл кесүүчү станоктор, мех. пресстер, радиотех. жабдуулар), химия, текстиль, тамак-аш (эт, сүт, май, пиво) ж-а курулуш материал о. ж. тармактары өнүккөн. Политех., мед., а. ч. ж-а пед. ин-ттар, 12 атайын орто окуу жайы, театрлар, край таануу музейи бар.

БАРОГРАФ (гр. báros — оордук, басым, grápho — жазам) — атмосферадагы аба басымын үзгүлтүксүз өзү жазып туруучу прибор. Метеорол. станцияларда ж-а басымдын өзгөрүшү б-ча аныкталуучу бийиктикти үзгүлтүксүз жазуу үчүн самолёт м-н аэростаттарда колдонулат. Кабыл алуучу бөлүгүнүн иштөө принциптери б-ча, Б. анероиддик ж-а сымаптык болуп бөлүнөт. Практикада көбүнчө анероиддик Б. колдонулат. Анын кабыл алуучу бөлүгү мамычага бириктирилген бир нече анероиддик кутучадан турат, к. *Анероид*.

БАРОКАМЕРА (гр. báros — оордук, салмак ж-а *камера*) — төмөнкү (вакуумдук) ж-а жогорку (компрессиялык) атмосф. басымды жасалма түрдө алуу үчүн колдонулуучу аба кирбей турган жылчыксыз бөлмө (камера). Басымды, абанын составын өзгөртүү ж-а аны бир калыпта сактап туруу үчүн Б. атайын аппараттар м-н жабдылат. Б. адамдын организмине бийиктиктин тийгизген таасирин изилдөө, учкучтар м-н космонавттардын машыгуусун өткөрүү, авиац. кыймылдаткычтарды текшерүү, кээ бир ооруларды дарылоо ж. б. үчүн пайдаланылат.

БАРОККО (итал. barocco — укмуш-



Рим шаарындагы Ыйык Сусанна чиркөөсү.

туу, кызык) — Европада, адегенде Италия иск-восунда 16-к-дын аягынан 18-к-дын орто ченине чейин өкүм сүргөн агым. Б. бат. европ. өлкөлөрдө дворяндар бийлеп турган чакта пайда болуп, абсолютизмдин арааны жүргөн учурда айрыкча өнүккөн. Германия, Австрия, Франция, Россия өлкөлөрүнө анча таралган эмес. Б. өнөрү декоративдик көлөмү, динамикалуулугу м-н айырмаланат. Архит. Б. үчүн сарай, чиркөө, зор ансамблдер, классикалык жасалгалоо мүнөздүү. Орус Б-су өз алдынча прогрессчил мүнөзгө ээ болгон. Петергоф ансамбли, Кышкы сарай, Петропавловский сепили, Москвадагы ак сарай ансамблдери ж. б. орус Б-сунда айкын мисал.

БАРОМЕТР (гр. báros — оордук, салмак, metréo — өлчөйм) — атмосф. басымды өлчөөчү прибор. Иштөө принциби б-ча сыноктуктуу Б., деформациялык Б., *гипсотермометрлер* болуп бөлүнөт. Практикада көбүнчө атмосф. басымды катып идиштердеги суюктук мамычасынын салмагы м-н теңештирүү принцибине негизделген сымап Б-лери колдонулат. Ал — 2 туташ ичке айнек түтүкчөдөн турган катып идиш. Түтүктүн биринин уз. 90 *см* ге жакын, жогору жагы туюк. Экинчиси кыска, учу ачык, бир аз



а б в

1-сүрөт. Сымаптуу барометрдин түрлөрү: а—чөйчөкчөлүү; б — сифондуу; в — сифон-чөйчөкчөлүү.



2-сүрөт. Станциялык чөйчөкчөлүү барометр.

кеңейип кетет. Түтүктүн туюк жагынан абасыз бөлүк (вакуум) калтырылып, идишке сымап куюлат. Түтүктүн ачык жагындагы сымаптын бетине болгон атмосф. басымдын таасиринен ж-а анын өзгөрүшүнөн туюк түтүктөгү сымап мамычасы көтөрүлүп же төмөн түшүп турат. Атмосф. басымдын өлчөмү түтүктөгү сымап мамычасынын бийиктиги б-ча аныкталып, *мм сым мам.* же *мбар* м-н туюнтулат. Катып идиштердин формаларына карай сымап Б-лери чөйчөкчөлүү, сифондуу ж-а сифон чөйчөкчөлүү болот (к. сүрөт).

БАРОМЕТРДИК НИВЕЛИРЛӨӨ—жер бетиндеги эки чекиттин бийиктик айырмасын аныктоо үчүн колдонулуучу метод. Б. н. бийиктикке көтөрүлгөн сайын абанын басымы төмөндөй тургандыгына негизделип, атмосфераның басымын өлчөө м-н жүргүзүлөт. Эки чекиттин бийиктик ж-а атмосф. басым айырмаларынын ортосундагы байланыш *барометрдик формула* б-ча эсептелет. Басым *барометр, анероид* м-н өлчөнүп, темп-ра ж-а нымдуулукка карай түзөтүүлөр киргизилгенден кийин, бийиктикти 3 *м* ге чейинки тактыкта аныктоого болот.

БАРОМЕТРДИК ФОРМУЛА — газдын басымы же тыгыздыгы оордук күчүнүн талаасында бийиктикке көз каранды экендигин аныктоо формуласы. Темп-расы туракту ж-а оордук күчүнүн бир текту талаасындагы идеалдык газ үчүн Б. ф. $P = P_0 \cdot exp\,[-g\mu(h-h_0)/RT]$, (1) P — газдын h бийиктиктеги басымы, P_0 — нолдук $(h=h_0)$ деңгээлдеги басымы, μ — газдын мол. массасы, R — *газ туракту-лугу*, T — абс. темп-ра. Б. ф. бийиктик көбөйүү м-н газдын басымы (тыгыздыгы) азая турганын көрсөтөт. Учуучу аппараттардагы бийиктикти чөнөөчү приборлор Б. ф-га негизделген.

БАРОН (лат. baro — киши, эркек) — Бат. Европада королго түздөн-түз көз каранды феодал, кийинчерээк дворяндык титул (аял — баронесса). Англияда Б. титулу (азыр да сакталып калган) жог. дворяндык баскычта акыркы орунда турат. Кеңири маанисинде англ. бардык жог. дворяндар, лорддор палатасынын мүчөлөрүнүн мурасчылары Б-го кирет. Францияда, Германияда Б. титулу графтан төмөн турган. Россия империясында Б. титулу Балтика боюндагы жог. немец дворяндары үчүн Петр I киргизген.

БАРОТРАВМА (гр. barós — салмак ж-а майып кылуу) — атмосф. басымдын капыстан өзгөрүшүнөн угуу мүчөлөрүнүн (кээде өпкө, ичегинин) бузулушу. Күчтүү атмосф. басым акырындык м-н таасир этсе, кулактын тарсылдагынын эки жагындагы (тышкы угуу тешигиндеги ж-а ички кулактын көңдөйүндөгү) басым евстахий түтүгү аркылуу теңдешип турат да, бузулуу пайда болбойт. Басым капысынан өзгөргөндө (мис., самолёт ылдам көтөрүлгөндө ж-а ылдый түшкөндө), басымды теңдөө үчүн жутуу кыймылын жасоо сунуш кылынат. Эгер басым теңделүүгө жетише албай калса, кулактын тарсылдагы ичин карай тартылат да, басым угуу сөөкчөлөрү аркылуу ички кулакка оойт. Басым абдан күчтүү болсо, кулактын тарсылдагы жарылып кетиши мүмкүн. Б. учкучтарда, парашютчулар ж-а суучулдарда кездешет. Аны алдын алуу үчүн мындай жумушка евстахий түтүктору таза адамдарды тандап алып, алар м-н атайын барокамераларда машыгууларды жүргүзүү зарыл.

БАРПЫ Алыкулов (1884, Ош обл., Сузак р-ну, Ачы кыш.,— 9. 9. 1949, Фрунзе) — кыргыз эл ырчысы, кыргыз оозеки поэзиясынын классиги, ойчул. Кедей үй-бүлөсүндө туулган. Сегиз жашынан байлардын малын кайтара баштаган. Окт. рев-ясынан кийин Түш. Кырг-нда Совет бийлигин куруу ж-а чыдоо ишине активдүү катышат. «Кошчу» союзунун, өз ара жардамдашуу топторунун жооптуу кызматтарында иштейт. 1920-жылдарда Жарды-жалчылар комитетинин төр агасы, кийинчерээк Жалал-Абад кантонунда Чанген айыл советинин пред-лиими орун басары. 30-жылдардын башында катуу ооруп, көзү азиз болуп калган. Ошондон кийин коомдук турмушка жалаң ырчылык өнөрү м-н катышып келген.

Б. жашынан ырдай баштаган. Анын ырчылык шыгынын ойгонушуна элдик оозеки поэзия, жерг. ырчылардын чыг-лары түртүк берген. Болочок төкмөнүн атасы Алыкул Шамурза уулу да жаматтап ырдаган, элдик оозеки чыг-ларды жакшы билген. Экинчи жагынан, жаштайынан оор тагдырга кирептер болуу, бай колунда эзилип иштеп, «бири күлсө, мыци ыйлаган акыйкатсыз заманда» жалпы эле кара таман кедейлер тарткан муң-зарды тартып, турмуштун социалдык конфликттерине аралап өскөнү Б-ны ак м-н караны эртерээк ажыратууга, турмушка сын көз м-н мамиле кылууга үйрөтүп, таптык сезимин да эртерээк ойготкон. Мындай жагдай анын чыг-лыгы элдүүлүк багытта болушун шарттаган, «ак күмүштөн сом албайм, ак жибектен тон албайм, ар кимди барын бир мактап, ары жок ырчы боло албайм» деген эстет. кредосун аныктаган. Ал 15—16 жашында ырчы катары оозго кирип, аты чыккан ырчылар м-н айтышка түшөт; өзүнүн кайгылуу абалы, муң-зары ж-дө ырлар чыгарат. Б-нын алгачкы ырларында арман, махабат, коомдук мамилелерге ааразылык мотивдери («Бада баккандагы ыр», «Назар менен Барпынын армандары», «Жетим», «Барпы менен Назардын айтышы», «Тендик бир күн жарк этээр») басымдуулук кылат. 1915-ж. Токтогул м-н жолугушуп, андан таалим алган, улуу демократ ырчы ага идеялык багыт берген. Б-нын ырчылык таланты Окт. рев-ясынан кийин дүркүрөп өсүп, жаңы бийиктикке көтөрүлдү. Акындын саясий сезими өсүп, чыг-лыгы идеялыктематикалык жактан байыды. Ырларында В. И. Ленинди, Совет бийлигин, Коммунисттик партияны, колхоз курулушун даңазалап, жердештерин жаңы турмушка үндөгөн. Буга «Ленин ата», «Партияга», «Тендик күн», «Ырымдын аты — Октябрь», «Жер өзгөрүшү», «Колхозчулар» деген ырлары мисал. Согуш жылдары Б. жалпы эле калайыктын патриоттук ой-сезимин козгогон ырлар чыгарган. Согуштан кийин соц. курулуштуп жеңиштерин даңазалады. Ырчы кыргыз фольклорун жакшы билген: «Ак Саткын менен Кулмырза», «Жалайыр жалгыз» деген элдик поэмаларды кайра иштеп чыгып, «Эр Жолоо» деген оригиналдуу поэма жараткан. Б-ныи ырчылык өнөрүнө ички динамикалуулук, назик лиризм, түрдүү формага бай куюлушкан уйкаштар, көркөм каражаттардын оригиналдуулугу, лексикасынын байлыгы мүнөздүү. Анын рев-яга чейинки ырларында («Айт-айт десе», «Дүнүйө», «Эмне бар бул жерде», «Аккан суу», «Күн», «Шамал», «Ажал», «Ала-Тоо көркө келбейт эл болбосо» ж. б.) атеисттик мотивдер м-н матер. айрым ойлор бар. Бул багыттагы чыг-лары карапайым элдин мусулман динине каршы аң-сезимин ойготууда маанилүү роль ойногон. Б-ныи махабат лирикасы ырчылар поэзиясындагы сүйүү ырларынын классикалык үлгүлөрүнөн («Буракжан», «Мырзайым», «Молмолум», «Арзыкан», «Ак жылдыз», «Лөлүкан», «Гүл кыздар», «Дилбарым», «Гөзөл кыз», «Өзгөчөм» ж. б.). Б-ныи чыгылыгында айтыш өзгөчө маанилүү ээ. Ал — айтыш жанрынын эстет. принциптерин жаңылап, жаңы формалар, ыкмалар м-н байытып, аны жаңы баскычка көтөргөндүгүн бири. Буга аныи Токтогул м-н айтышы эң сонун далил. Б-ныи көркөм мурасы кыргыз ырчылар поэзиясынын алтын казынасынан өз ордун таап, элибиздин сыймыгына айланды. Б-ныи ыр жыйнактары бир нече жолу басылып чыккан ж-а боордош совет элдеринин тилдерине которулган. Анын чыг-лары ад-тчылар, тилчилер, философтор тарабынан кеңири изилденип, эл оозунан жыйналып жатат. Бир нече ырына обон чыгарылган. Ырчынын өмүр жолу тууралуу көркөм чыг-лар да жаралууда. Кырг-нда айрым кыштак, колхоз, мектеп, шаар көчөлөрүнө улуу ырчынын ысмы коюлган.



Барпы Алыкулов.

Чыг.: Тандалган ырлар, Фр., 1949; Барпы (Чыг. бир томдугу), Фр., 1960; Барпы, Фр., 1970; Табият санаты, Фр., 1973; Мелмолум, Фр., 1974; Избранные произведения, Фр., 1958; Стихи, М., 1958.

Ад.: Маликов К., Эл ырчысы Барпынын жыйнагы тууралуу, «Советтик Кыргызстан», 1950, № 3; Ташгемиров Ж., Барпы Алыкулов, Фр., 1957; Байзаков Т., Нускоочу ырчы, «Ала-Тоо», 1974, № 12; Маликов К., Слово об акыне, «Литературный Киргизстан», 1974, № 6; Алыкулов В. в кн.: Краткая литературная энциклопедия, т. 2, М., 1962; Философская энциклопедия, т. 2, М., 1962; История киргизской советской литературы, М., 1970.

БАРРИКАДА — жерг. материалдардан (устун, дөңгөч, кум салынган мешок, таш ж. б.) көчөлөрдө, жолдордо, көпүрөлөрдө ж-а тоодогу өткөөлдөрдө тосулуп коюлган жасалма бөгөт. Б. 13—14-к-да Москваны, Рязанды, Владимирди монгол-татар баскынчыларынан коргоодо, Степан Разин ж-а Емельян Пугачёвдун жетекчилиги м-н болгон дыйкандар согушунда колдонулган. 19-к-дагы пролетариат көтөрүлүштөрүндө (Париж, Брюссель. Лион, Прага, Берлин, Дрезденде), 1871-ж. Париж Коммунасы учурунда



Баррикадалык салгылашуу. 1905-ж. Декабрь.

баррикадаларда айыгышкан салгылашуулар болгон. Россияда 1905-ж. рев-яда ж-а Улуу Окт. соц. рев-ясы күндөрү көтөрүлгөн эл Б-ны падышанын аскерлерине каршы күрөшүү үчүн пайдаланды. Гражд. согушта (1918—20) ж-а Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) кээ бир шаарларда Б. жасалган.

БАРРОУ — Алясканын түндүгүндөгү тумшук. 71°23′ түн. кеңдик м-н 156°12′ бат. узундукта жайгашкан.

БАРСА-КЕЛБЕС КОРУГУ — Арал деңизиндеги Барса-Келбес а-дагы мамл. корук (Казак ССРи). Аянты 18,5 миң *га*. 1939-ж. чөл-талаа жаратылышын коргоо ж-а андагы бөкөн, жейрен, сары суур сыяктуу жаныбарларды көбөйтүү максатында уюштурулган. Бул корукта куланды сактап, санын көбөйтүү колго алынды.

БАРСЕЛОНА — Испаниянын түн.-чыгышында, Жер Ортолук деңизинин жээгиндеги ири порт. Калкы 1,8 млн. (1968). Деңиз, аба, шоссе ж-а т. ж. тоому. Испаниянын маанилүү экон. ж-а ө. ж. борбору. Кездеме токуу, электр металлургия, машина куруу, химия, электр техника, цемент, тамак-аш, жыгач иштетүү, булгаары ж. б. ишканалары өнүккөн. Байыркы шаарлардын бири (болжол м-н б. з. ч. 3-к-да карфагендиктер негиздеген). Ун-т (15-к.) ж. б. окуу жайлары, опера ж-а балет театры, консерватория, астрон. обсерватория, музейлер, зоол. бак бар.

БАРСКООН — Барскоон суусунун башындагы ашуу. Тескей Ала-Тоосунун ортоңку бөлүгүндө. Бийикт. 3754 *м*. Борб. ж-а Ички Тянь-Шандын сырттарын Ысык-Көл өрөөнү м-н байланыштырат. Ашуу илгертен эле эл аралык жол катнашы болгон. Азыр шоссе жол салынган. Ашуунун суу бөлгүч кыры катуу граниттен ж-а цементтелген аки таш тектеринен турат. Ашуунун түш. бети түзөң (трог), түндүгү тик, торпулуу.

БАРСКООН — Тескей Ала-Тоосунун ортоңку бөлүгүндөгү Кереге-Таш ашуусунан (бийикт. 3684 *м*) башталып, Ысык-Көлгө куйган ири суу. Уз. 62 *км*, алабынын аянты 352 *км*^{2}. Жалпы уз. 100 *км* ге жеткен 49 куймасы бар, алардын ирилери: Дүңгүрөмө, Шаркырак, Ат-Жайлоо, Жаңы-Коргон, Кереге-Таш ж. б. Алабында жалпы аянты 0,48 *км*^{2} келген 9 көл, кооз шаркыратмалар бар. Алабынын жалпы аянтынын 10% мөңгүлүү. Негизинен мөңгү сууларынан куралат. Жай (июнь) айларында кирип, сентябрда тартылат. Суунун орт. чыгымы 4,07 *м*^{3}*/сек*, эң көбү 55,8 *м*^{3}*/сек*, эң азы 0,11 *м*^{3}*/сек*. «Барскоон», «Үлгүлүү-Жаш», «Тамга» к-здорунун айдоо аянттары сугарылат. Жээгинде Барскоон кыштагы жайгашкан.

БАРСКООН — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Барскоон сельсоветине караштуу кыштак. «Барскоон» к-зунун борбору. Р-ндун борбору Покровкадан 45 *км* түш.-бат. тарапта, Барскоон суусунун оң жээгинде. Рыбачье т. ж. станциясынан 153 *км*. Калкы 5188 (1974). Орто мектеп, мектеп-интернат, клуб, китепкана, медпункт бар. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

БАРСКООН ШААРЧАСЫ — о. кылымдагы Барскоон ш-нын чалдыбары (8—12-к-дагы жазма маалыматтар б-ча). Шаарчанын калдыгынын аянты 4 *км*^{2}. Түндүгүнөн Ысык-Көл, түштүгүнөн зоокалуу Тескей Ала-Тоо, батышынан Барскоон суусу м-н чектешет. Б. ш. топографиясы ж-а топонимикасы б-ча Барсхан ш-на туура келет. Башкы кербен жолдорунун тоому болуп, чыг. ж-а бат. өлкөлөрүн экон. жактан байланыштырып турган. Шаарча 6—13-к-га таандык. Ал татар-монгол жортуулу убагында ойрон болгон.

Ад.: Винник Д. Ф., К исторической топографии средневековых поселений Иссык-Кульской котловины, в кн.: Древняя и Средневековая культуры Киргизстана, Фр., 1967.

БАРСЫЛДАК (Grossularia) — өсүмдүктөрдүн саксифрагалар тукумундагы уруусу. Бийикт. 130 *см* ге жеткен бадал. Жаш бутактары тикендүү, жалбырактары татаал, сабагына кезектешип жайгашат. Гүлдөрү мала көк, 2 жыныстуу, 5 мүчөлүү. Топ гүлү чачы, кээде жалгыздан. Мөмөсү — жемиш, көп уруктуу, андан кыям, вино жасалат. Жер жүзүндө 50, СССРде 3, Кырг-нда бир түрү (Чүй, Ысык-Көл өрөөнүндө) өстүрүлөт. Б. вегетативдик жол м-н да көбөйөт.

БАРТЛЕТТ КҮЧҮ, к. *Ядролук күчтөр.*

БАРТО Агния Львовна [4 (17). 2. 1906-ж. т.] — орус совет акыны. Балдар үчүн жазат. Чыг-лыгы 1925-жылдан башталган. «Кичинекей бир туугандар» (1928), «Кежир бала» (1934), «Оюнчуктар» (1936), «Снегирь» (1939) ж. б. ыр жыйнактарын чыгарган. Ага «Балдар үчүн ырлар» (1949) китеби үчүн СССР Мамл. сыйлык (1950), «Гүл издеп кышкы токойго» ыр жыйнагы үчүн Лениндик сыйлык ыйгарылган (1972). Анын ырлары үчүн тилдин жөнөкөйлүгү, ачыктык, жумшак юмор мүнөздүү. Б-нун чыгармалары СССР ж-а дүйнө элдеринин тилдерине которулган. «Кичинекей бир туугандар» (1937), «Балдар үчүн» (1954), «Машенька» (1961) ж. б. ыр жыйнактары кыргыз тилинде да чыккан.

БАРТОК Бела (25. 3. 1881—26. 9. 1945) — венгер композитору, пианист ж-а музыковед-фольклорист. 1907-жылдан Будапешттеги муз. академиянын проф. Пианист катары 1919-жылдан тартып көп өлкөлөрдө гастролдо болгон. Б. венгр, румын, словак ж. б. элдериндеги дыйкандардын фольклорун изилдеген. Анын «Көк Сакал герцогдун сепили» (1911) операсына окшогон чыг-ларын консервативдүү сын жактырган эмес. 1919-ж. жазылган эң көрүнүктүү чыг-сынын бири — «Укмуштай мандарин» балети (1926-ж. коюлган). Б-тун чыг-ларынын көпчүлүгү — аспаптык музыка. Дүйнөдөн кайткандан кийин ага Кошут атн. сыйлык (1948) ж-а Тынчтыктын эл аралык сыйлыгы (1955) берилген.

БАРТОЛЬД Василий Владимирович [3(15). 11. 1869, Петербург — 19. 8. 1930, Ленинград] — Чыгышты изилдөөчү сов. илимпоз, акад. (1913). 1891-ж. Петербург ун-тин (чыг. тилдери ф-тетин) бүтүрүп, ошол жерде илимий ж-а окутуучулук кызматта иштөөгө калган. 1901-жылдан проф. «Монгол эзүүсүнүн доорундагы Түркстан» деген 2 китеби үчүн ага Чыгыш тарыхынын доктору деген ил. наам берилген. Бурж. коомдун шарттарында тарбиялангандыктан, ал тарыхый процессти идеалистче түшүнгөн. Бирок Б. дайыма социалдык-экон. маселелердин тарыхын, эл массасынын абалын билүүгө кызыккан. Б-дун О. Азия элдеринин тарыхына арналган эмгектеринин чоң ил. мааниси бар. Ал эмгектерде араб, фарсы ж-а жерг. авторлордун эң көп материалдарын пайдаланган. Б.—исламдын тарыхы б-ча «Ислам» (1918), «Мусулмандар дүйнөсү» (1922) деген ж. б. эмгектердин автору. Бул китептеринде ал араб ж-а бат. европ. авторлордун исламдын тарыхы ж-а анын Чыг. элдерине таралышы ж-дөгү атактуу эмгектерин сын көз м-н караган.

Монголдордун басып алуулары ж-дөгү Б-дун эмгектеринен бир беткей түшүндүрүүлөрдү учуратууга болот. Мис., монголдордун басып алууларын өндүргүч күчтөрдү кыйраткандары ж-а багынган элдерди узак убакыт бою кулчулукта кармагандыгы эске алынган эмес.

Б. байыркы славяндар ж-дө жазган араб авторлорунун эмгектерин изилдеп үйрөнүүдө көп иштеген («Мусулмандардын орустар жөнүндөгү жаңы кабары», 1896; «Арабдардын орустар жөнүндөгү кабарлары», 1918; 1940-ж. жарыяланган). Б. чыг. таануу илиминин тарыхына зор көңүл буруп, «Европада жана Россияда Чыгышты изилдеп үйрөнүүнүн тарыхы» (1911; 1925-ж. 2-жолу басылган), «Петербург университетинин чыгыш тилдери факультетинин 1855—1905-жылдагы иш-аракетинин обзору» (1909) дегендей эмгектерин жарыялаган. «Жети-Суу тарыхынын очерки» (1898; 1943-ж. 2-жолу басылган) аттуу эмгегинде Жети-Суу аймагындагы элдердин байыркы убакыттан 18-к-дын ортосуна чейинки саясий-экон. тарыхын баяндаган. «Кыргыздар» (1927; 1943-ж. 2-жолу басылган) деген монографиясында жазма эстеликтердин негизинде кыргыз элинин саясий тарыхын кыскача мүнөздөгөн.

Б. Окт. рев-ясынан кийин Чыгышты изилдөөчүлөр коллегиясын, анын басма сөз органын башкарган. О. Азия ун-тин уюштуруу, чыгыш таануу китепканаларын уюштуруу, кол жазмаларды чогултуу б-ча Совет өкмөтүнүн тапшырмаларын аткарган. Анын монографиялары чет тилдерге (англис, француз, немец, араб ж. б.) да которулган. Ал «Ислам энциклопедиясы» үчүн 250дөй макала жазган.

Чыг.: Сочинения, т. 1—8, М., 1963—73.

БАРХАНДАР, чөлдөгү материк дюналары — шамал чогулткан жылаңач эңилме кум дөбөлөр. Катуу жерде пайда болгон бириндеген Б. мүйүз формасында болуп, бийикт. 0,5 *м* ден бир нече метрге чейин жетет. Шамал жагы узун ж-а айдөш (5—14°), ыктоо жагы кыска ж-а тик (30—33°) келет. Б. жылына жүздөгөн *м* ге жылат.

Бархандар. Моюн-Кум чөлү.



БАРЩИНА, иштеп берүү рентасы — феод. *жер рентасынын* бир түрү; феодалга көз каранды дыйкандын өз шайман-турманы м-н феодалдын чарбасында аргасыздан бекер иштеген эмгеги. Б. үстөмдүк кылган шартта эмгектин өндүрүмдүүлүгү өтө төмөн болгон, өндүргүч күчтөр эң жай өнүккөн. Феодализмдин ар кайсы өнүгүү стадиясында ж-а ар башка өлкөдө Б-нын өлчөмү ж-а экон. ролу ар түрдүү болгон. Крепостной дыйкан Б. системасы б-ча феодал үчүн аптанын көпчүлүк күнүн, өзү үчүн жуманын аз күнүн иштеген. Россияда *крепостной укук* жоюлганда деле Б. кала берген. Б. крепостнойлуктун саркындысы катары Окт. рев-ясынан кийин гана жоюлду.

БАРЫМТА — феодализм мезгилинде кыргыз, казак, башкырт ж. б. көчмөн элдерде мүлктөй алынуучу доо. Патриарх.-феод. мамилелер өнүккөн мезгилде Б. кан төгүү аркылуу өч алууга чейин жеткен. Б. жеке адамдардын ортосунда эмес, уруу м-н уруунун же коңшулаш элдердин, кээде айыл м-н айылдын ортосунда болуп турган. Анын уюштуруучусу ж-а шыктандыруучусу ири феодалдар болгон. «Өзүнүн» уруулаштарынын же жалпы элдин ар-намысын коргомуш болуп, алар Б-га чакырган, эч бир күнөөсүз өз оокатын өткөрүп жаткандардын малын айдатып, дүнүйөсүн талатып алышчу да, кээде өздөрүн уруп, өлтүрүп да кетишчү. Натыйжада эл массасы бүлүнүп, талоонго учураган. Кыргыздар Россияга ыктыярдуу кошулгандан кийин, уруучулук кагылышуулардын токтолушу м-н барымтачылык азайып, Окт. рев-ясынан кийин биротоло жок болду.

БАС (итал. basso — төмөнкү) — 1) эркектердин эң төмөнкү (жоон) үнү; 2) оркестрде колдонулуучу үйлөмө жез аспап; 3) үндөшүүнүн эң төмөнкү (жоон) үнү; 4) көп добуштуу музыкадагы эң төмөнкү (жоон) үн.

БАСАҢДАТКЫЧТАР — силикат цементинин ж-а гипс ангидриттүү илээшкек материалдардын катуулашыш убактысын узартуу үчүн аларга кошулуучу заттар. Силикат цементи үчүн Б. катары гипс, күкүрт к-тасынын күчсүзүрөөк эритмеси, күкүрт кычкылдуу темир алынат. Гипс ангидриттүү илээшкек материалдары үчүн Б. болуп жегич натрий же аки таш камыры м-н аралаштырылган жыгач желими колдонулат. Б. кошулганда эритмелердин катуулануш мөөнөтүн 5—10 *мин* нын ордуна 30 *мин* дан бир нече саатка чейин узартууга болот. Гипске караганда ангидрит цементи акырындык м-н катат да, 30 *мин* дан кийин башталып, 24 *с* та, экстрихгипс эки сааттан кийин ката баштап, 6—10 *с* та катып бүтөт.

БАС-БӨЛТӨК, Көдөйбай — Аламүдүн р-нундагы Арашан сельсоветине караштуу кыштак. Стрельникова атн. с-здун аймагында. Р-ндун борбору Аламүдүндөн 35 *км* түш. тарапта, Фрунзе т. ж. станциясынан 30 *км*. Калкы 684 (1974). Орто мектеп, ооруkана, клуб бар.

БАСИЛЕЙ, басилевс — Микен доорундагы Байыркы Грецияда азыраак калк жашаган жердин башкаруучусу. Гомердик мезгилде согуштук, жрецтик ж-а соттук укукка ээ болгон уруунун же уруулар союзунун башчысы; адегенде бийликке шайлануу жолу м-н келишкен, кийинчерээк бийлик атадан балага мурас болуп калган. Афиныда падышалык бийлик жоюлгандан кийин (б. з. ч. 11-к-дагы салт б-ча) «Басилей» деген термин экинчи архонтту белгилөө үчүн, Спартада — падышалардын титулдарынын бири катарында, эллиндик мамлекеттерде монархтардын аты катарында колдонулган. Байыркы грек ад-тында Рим императорлору Б. деп аталган. О. кылымда Б. Византия императорлорунун атайын титулу болгон.

БАСКАКОВ Николай Александрович (1905-ж. т.) — сов. түрколог, филол. илимд. доктору, проф. (1950). РСФСР, Казак, Түркмөн ССРлеринин, Каракалпак АССРинин илимге эмг. сиң. ишмери. Урал-Алтай коомунун ардактуу мүчөсү. Москва ун-тин бүтүргөн (1930). Б-дун алгачкы эмгеги каракалпак тилин изилдөөгө арналган (1930). Ал — 300дөн ашуун ил. эмгектин автору. Түрк тилдеринин фонетикасы м-н грамматикасынын теориялык маселелерине арналган «Ногой тили жана анын диалектилери», «Каракалпак тили», «Алтай тили», «Түрк тилдери», «Түрк тилдерин үйрөнүүгө киришме» деген изилдөөлөрү ил. чөйрөгө кеңири маалим. Б. казак, каракалпак, ногой, хакас, алтай ж. б. түрк тилдери б-ча окуу куралдарын түзгөн. Б-дун демилгеси б-ча Польша тилчилери м-н бирге караим тилинин сөздүгү түзүлдү. Азыр ал Польша ж-а Чехословакия түркологдору м-н бирге «Славян тилдериндеги түркизмдер» деген эмгекти жазууда.

Ад.: Юлдашев А. А., Тенишев Э. Р., Николай Александрович Баскаков. (К 65-летию со дня рождения), «Советская тюркология», 1970, № 1.

БАСКЕТБОЛ (англ. basket — корзина, тор ж-а ball — топ) — командалык спорт оюну. Б-дун эрежесин Ж. Нейсмит (АКШ) иштеп чыккан. Россияда 1-матч 1906-ж. Петербургда өткөрүлгөн. Б. 4 бурчтуу, уз. 26 *м*, туурасы 14 *м* келген аянтчада өткөрүлөт. Оюнга эки команда катышат. Аянтка ар бир командадан бештен



Баскетбол ойнолуучу аянт.

оюнчу чыгат. Ойноочулар топту (салм. 600—650 *г*, айланасынын уз. 75—78 *см*) кол м-н ыргытып торго (корзинкага) түшүрөт. Топту торго көп түшүргөн команда уткан болот. Кырг-нда Б. б-ча машыгуучулардын саны (1973) 680, СССР спортунун мастери 22, СССР спортуна эмгек сиңирген мастер 1 киши.

БАСКИЛЕР (өздөрүн *эускалдунак* деп аташат) — Испания м-н Франциядагы жашаган эл. Испанияда 800 миңге (1970), Францияда 130 миңге жакын, 250 миңге жакыны Латын Америкасындагы эмигранттар. Баск тилинде сүйлөшөт. Дини б-ча католиктер. Кесиби — мал чарбасы, дыйканчылык. Металлургия ө. ж-да, кепде иштешет. Б. васкондордун иберий урууларынын тукумдары. Б. жашаган терр-янын түндүгү Франциянын (16-к.), түш. райондору бирдиктүү Испания мамлекетинин (15-к. аягы — 16-к.) составына кошулган. Улуттук р-ндорду борборлоштуруу ж-а күч м-н испандаштыруу саясатына Б. дайыма каршы күрөшкөн. 1931—39-жылдагы испан рев-ясы улуттук жаңы кыймылдын күчөшүнө алып келген. 1936-ж. октябрда автоном. район түзүлүп, ал Баск өлкөсү болуп аталган. Өлкөнү Франконун фаш. аскерлери басып алгандан тартып (1937-ж. июнь) Б. автономиясы жоюлган.

БАСКУНЧАК — Астрахань обл-дагы туздуу көл, Волга д-нан 50 *км* чыг. тарапта. Аянты 106 *км*². Көл океан деңг. 19,5 *м* төмөн жатат. Туздуу булактар м-н жаан-чачындан толукталат. Туз катмарларынын калыңд. 12 *м* ге чейин. Туз 1917-жылга чейин кол м-н казып алынса, азыр механикалаштырылган. Жылына 4 млн *т* га жакын туз алынат.

БАСКЫЧ — муз. добуш катарынын, гамманын, ладдын ар бир добушу. Бүткүл добуштардын ар бири 12 добуштан турган октавага бөлүнөт. Алардын ичинен жетөө эң негизги (негизги добуш катарлары — до, ре, ми, фа, соль, ля, си) ж-а бешөө жогору же төмөндөтүлүүчү баскычты түзөт (мис., до-диез же ре-бемоль).

БАСМА ИШИ — китеп, газета, журнал, нота, плакат ж. б. материалдарды басууга даярдоону, басып чыгарууну ж-а таркатууну уюштуруучу маданий ж-а өндүрүштүк тармак. Б. и. Европада 15-к-да китеп чыгаруу муктаждыгынан улам келип чыккан. Байыркы Египеттин (б. з. ч. 25-к.) папирус түргөктөрү азыркы китеп чыгаруунун эң жөнөкөй үлгүсү болгон. Ал түргөктөр жаза турган материал катары б. з. ч. 5-к-да Грецияга, кийинчерээк Римге өткөн. 16—17-к-да бир катар Европа өлкөлөрүндө жеке менчик басмалар түзүлгөн. Россияда китеп чыгаруу 10-к-дын аягында, 11-к-дын башында башталат. 18-к-да ири жогорулашка ээ болот. 19-к-да ж-а 20-к-дын башында тармактык ж-а универсал басмалар өнүккөн. 1913-ж. Россияда 30 миңден ашык наамдагы китеп басылган; Россия дүйнөдө Германиядан кийинки 2-орунда турган. 1914—18-ж. Б. и. кескин төмөндөп кеткен. Рев-яга чейин китеп басуу Москва, Петербург, Киев, Казань, Саратов, Тбилиси ж. б. чоң ш-ларда топтоштурулган. Б. и. басып чыгаруучу материалдарынын түрүнө карата китеп, газета, газета-журнал ж. б. басчу басмаларга бөлүнөт. Сов. соц. коомдогу Компартиянын, Совет өкмөтүнүн саясатын жетекчиликке алып, мамлекеттин ж-а элдин кызыкчылыгын көздөйт. Элдик демокр. ж-а соц. өлкөлөрдө Б. и.— мамлекеттин же коомдун энчиси. Капит. өлкөлөрдө Б. и.— колунда барлардын жеке менчиги. Алар көбүнчө басып чыгаруучу продукциянын эсебинен баюуга, бири-бири м-н атаандашууга умтулушат. Азыркы кездеги бурж. Б. и. анчалык көп эмес сандагы капит. монополиянын колуна топтолгон, алардын көпчүлүгүндө басма сөздү чыгаруу куралдары, басмаканасы, кагаз чыгаруучу фабрикасы, тамгаларды куюучу, көркөмдөөчү ж-а башка з-ддору, аппараттары бар. Бурж. Б. и. эмгекчилерди эзүү максатында, басып алуучулукту жактап, импер. согушту пропагандалоого багытталган. Капит. коомдогу коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын, ар кандай прогрессчил уюмдардын басмалары буга каршы турат. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңиши м-н СССРде формасы улуттук, мазмуну соц. Б. иши дүркүрөп өстү. 1971-ж. СССРде 233 басма болгон, алар күнүгө орто эсеп м-н 4,3 млн. нуска китеп, брошюраны СССР элдеринин 65 тилинде, чет элдин 42 тилинде басып чыгарган. Рев-яга чейин бир да басмасы болбогон биздин респ-када *«Кыргызстан» басмасы*, *«Мектеп» басмасы*, *«Кыргызстан КП БКнын» басмасы*, *«Ала-Тоо» басмасы*, *«Илим» басмасы*, статистикалык отчётторду, бланкаларды чыгаруучу «Союзучетиздат» бирикмесинин кыргыз бөлүмү бар.

БАСМА МЕКЕМЕЛЕРИНИН ДОГОВОРУ — адабий, илимий, иск-во чыг-ларын басуу же кайра чыгаруу ж-дөгү автор м-н басманын ортосундагы договор. Анын негизинде автор басма мекемелерине чыг-сын белгилүү мөөнөттө жазып берүүгө же жарактуу эмгегин басуу үчүн өткөрүүгө, басманын жүйөлүү көрсөтүүлөрү б-ча чыг-га оңдоо киргизүүгө, басманын макулдугусуз чыг-сын 3 жылга чейин башка жакка бербөөгө милдеттенет. О. эле басма мекемеси да чыг-ны жакшыртууга, кайра жаратууга, жарыкка чыгарууга, аны таратууга жардам берүүгө ж-а эмгегине тиешелүү гонорар төлөөгө милдеттүү. Автордун да, басманын да максаты адамды коммунисттик духта тарбиялоочу жог. идеялуу чыг-ларды жаратууда болот.

БАСМА МОНТАЖ, *басма схема* — схеманын кошуучу өткөргүчтөрү изоляция негизине полигр. метод м-н түшүрүлгөн электрондук аппаратуранын түйүнү. Мында схемадагы басма өткөргүчтүн учтарына монтаждык зым данакерленип, ошол зым аркылуу басма схема бөлөк схеманын элементтери м-н кошулат. Б. м-ды колдонуу аппаратуранын көлөмүн көп эсе кичирейтип, аны чыгаруунун технологиясын жеңилдетет, өндүрүштү автоматташтырууга мүмкүндүк берет ж-а аппаратуранын ишенимдүүлүгүн жогорулатат. Өткөргүч түшүрүлүүчү негиз катары орг. материалдар, гетинакс, карапа, айнек ж. б. колдонулат. Б. м. өндүрүштүк электр техникасынын аппаратурасында, ар түрдүү күчөтүүчү схемаларда, радиоаппаратурада, эсептөө техникасынын элементтеринде ж. б. көптөгөн санда чыгарылуучу түзүлүштөрдө колдонулат.

БАСМА СӨЗ — мезгилдүү (газета, журнал, альманах ж. у. с.) ж-а мезгилсиз (китеп, брошюра, баракча) басып чыгарылган басмаканалык продукция. Б. с.— саясий ж-а ил. билимдерди пропагандалоо, коомдук ой-пикирлерди билдирүү максатын көздөгөн саясий күрөштүн кубаттуу куралы. Китеп басып чыгаруу иши адам баласына эчактан белгилүү. Б. с. адамзаттын мад-тынын өнүгүшүндө да, басма ишинин өркүндөшүндө да зор роль ойногон. Капит. өлкөлөрдө китеп, газета, журналдарды басып чыгаруу иши — айрым адамдардын жеке менчиги. Мындай шартта Б. с-дүн чыныгы эркиндиги болбойт. Азыркы учурда капит. өлкөлөрдөгү прогрессчил демокр. ж-а партиялык Б. с-дөр бир топ кыйынчылыкка, тынымсыз куугунтуктоого каршы чыдамдуулук м-н күрөшүүнүн натыйжасында өсүп, чыңалып, жумушчулардын толук ишенимине ж-а колдоосуна ээ болууда. Франциядагы «Юманите» («Адамзат»), Италиядагы «Унита» («Биримдик»), Англиядагы «Морнинг стар» («Таңкы жылдыз»), Япониядагы «Акахата» («Кызыл Туу») ж. б. газеталар буга мисал болот. Большевиктик басма сөздүн тарыхы коммунисттик партиянын ж-а Совет өкмөтүнүн тарыхы м-н ажырагыс байланышта. Партиялык-сов. Б. с-дүн күжүрмөн салтын лениндик «Искра», андан кийин «Вперёд» ж-а «Пролетарий» газеталары негиздеп, «Звезда», «Правда» газеталары өрчүткөн. Б. с-дөгү эң чоң роль Петербург жумушчуларынын колдоосу б-ча 1912-жылдан [22. 4. (5. 5)] баштап жарык көргөн «Правда» газетасына таандык. «Правда» газетасынын 1-номери чыккан күн — 5-Май биздин өлкөбүздөгү Б. с-дүн туулган күнү болуп калды. Марксизм-ленинизм идеяларына сугарылган партиялык сов. газеталар СССРде В. И. Лениндин осуятын иш жүзүнө ашырып, коллективдүү агитатор болуу м-н гана чектелбестен, коммунисттик коомду курууда коллективдүү уюштуруучунун ролун да абийирдүүлүк м-н

аткарып келе жатат. Партиялык сов. Б. с. массаны пролет. интернационализмдин, эмгекчилердин эл аралык тилектештигинин, бүткүл дүйнө жүзүндө тынчтык үчүн күрөшүүнүн духунда тарбиялайт. Борб. «Правда» (1912), «Известия» (1917), «Труд» (1921), «Комсомольская правда» (1925) ж. б. газеталар м-н бирге СССР элдеринин тилдериндеги респ-калык, крайлык, областтык, шаардык, райондук, завод-фабрикалык газеталар чыга баштады. Улуу Окт. соц. рев-ясынын жеңиши м-н пайда болгон «Эркин-Тоо» газетасынын жарык көрүшү (1924) кыргыздын улуттук Б. с-нө негиз салды. 1926-ж. респ-ка б-ча 5 миң нуска м-н үч газета гана чыгарылса, 1974-ж. бир жылдык тиражы 223 млн 651 миң даана болуп, респ-калык 8, областтык 6, шаардык 10, райондук 36, көп тираждуу 17, колхоздук 22 газета; 5 млн 16 миң даана болуп 13 журнал чыгарылган. *«Советтик Кыргызстан»* (мурдагы *«Эркин-Тоо»*, 1924), *«Ленинчил жаш»* (1926), *«Кыргызстан пионери»* (1933), *«Мугалимдер газетасы»* (1953), *«Кыргызстан маданияты»* (1967), *«Советская Киргизия»* (1925), *«Комсомолец Киргизии»* (1938), *«Шыйуеди чи»* (*«Октябрь туусу»*, 1957) газеталары, *«Коммунист»* (1926), *«Ала-Тоо»* (1931), *«Кыргызстандын пропагандисти жана агитатору»* (1937), *«Кыргызстан аялдары»* (1951), *«Жаш ленинчи»* (1952), *«Чалкан»* (1955), *«Кыргызстан айыл чарбасы»* (1955), *«Ден соолук»* (1960), *«Литературный Киргизстан»* (1955), *«Советское здравоохранение Киргизии»* (1938), *«Эл агартуу»* (1972; «жаңы маданият жолунда», 1928), *«Илимдин жана техниканын жаңылыктары»* (1963) ж. б. журналдар коммунисттик коомду куруу үчүн болгон күрөштө респ-кабыздын элин эмгекке шыктандыруучу сүйүктүү газета, журналдардан. Респ-кадагы 7 басманын үчөө китеп, брошюра чыгарат. 1974-ж. жалпы тиражы 7 267 миң даана 662 китеп, брошюра чыгарган. 1926—1974-ж-да респ-када 150 млн 880 миң даана 23 368 китеп, брошюра чыгарылган. Улуу көсөмүбүз В. И. Лениндин эмгектери ушул убакыттын ичинде кыргыз тилинде 176 жолу 1 млн. 485 миң даана м-н басылып чыкты. Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин эч кандай полигр. мекемеси болбогон Кырг-нда азыр О. Азия б-ча эң зор полиграф-комбинаты баш болгон 36 басмакана ж-а полигр. цехтер бар. Андан ар кандай адистиктеги 1640 адам ийгиликтүү эмгектенүүдө.

БАСМА СӨЗ АГЕНТСТВОСУ — газеталарды, журналдарды, радиону, телекөрсөтүүнү, китеп басмаларын, өкмөттүк мекемелерди, коомдук уюмдарды ж-а жеке кишилерди өзү чогултуп ж-а иштеп чыккан информациялар м-н камсыз кылуучу уюм. Капит. өлкөлөрдө Б. с. а. көпчүлүк учурда жеке менчик уюм болсо, соц. өлкөлөрдө мамл. же коомдук уюм болуп саналат. Б. с. а. мезгилдүү басма сөздүн өнүгүшүнө байланыштуу келип чыккан. 17-к-да ж-а 18-к-дын башында газета-журналдар өздөрүнө керек информацияларды өздөрү таап турган. Информация көбөйгөнгө байланыштуу чоң-чоң газеталар адегенде өз өлкөсүндө, андан кийин чет мамлекеттерде штаттуу кабарчылар кармай баштайт. Телеграф байланышы өнүккөн соң 19-к-дын 1-жарымында Б. с. а-нун бир бөлүгү «Телеграф агентствосу» деген наам алган. 1835-ж. Ш. Гавас Францияда газеталарды информация м-н камсыз кылуучу өзүнчө бюро уюштурган. Ал «Гавас агентствосу» деген наам м-н 100 жылдан ашуун турган. «Гавас агентствосунун» кызматкерлери Б. Вольф (1849) Берлинде «Вольфтун телеграф бюросун», П. Рейтер (1851) Лондондо азыркы күнгө чейин иштеген «Рейтер агентствосун» түзгөн. Россияда 1-жолу орустун телеграф агентствосу — РТА 1866-ж. түзүлгөн. 1918-ж. Росс. телеграф агентствосу (РОСТА) уюшулган. Ал 1925-ж. Советтер Союзунун телеграф агентствосуна айланды. Телеграф агентстволору бардык союздук респ-каларда (Кыргызстанда — Кыргыз ТАГ) бар. *Жаңылык басма сөз агентствосу* (АПН) 1961-ж. Москвада негизделген. Сов. Союзундагы ж-а соц. өлкөлөрдөгү Б. с. а-нун негизги милдети: дүйн. басма сөздү социализм ж-а коммунизм курулушу ж-дө туура информациялар м-н камсыз кылуу, бурж. пропаганданын бетин ачуу, тынчтык, демократия ж-а социализм үчүн күрөшкө күчтөрдү топтоого жардам берүү. Азыркы кездеги Б. с. а. тиешелүү басма сөз органдарына репортаждарды, макалаларды, обзорлорду, очерктерди берип турат. Айрым Б. с. а. заказ бергендерге газетанын атайын беттерин, бир санын да даярдайт.

БАСМА СӨЗ ЭРКИНДИГИ — эмгекчилердин таламдарына ылайык ж-а соц. түзүлүштү чыңдоо максатында СССР граждандарына берилген негизги демокр. саясий эркиндиктердин бири. Б. с. э. эмгекчилерге ж-а алардын уюмдарына басмаканаларды, кагазды, коомдук имараттарды, байланыш каражаттарын берүү ж. б. материалдык шарттарды түзөт. СССР граждандары бардык газета-журналдардын беттерине эркин жазууга укуктуу. СССРдеги басма соз — сов. коомдун кыймылдаткыч күчү, сын ж-а өзүн өзү сындоону кеңири жайылтуу жолдорунун бири. Сов. Союзунда жашаган бардык улуттар м-н элдер санына ж-а өнүгүү деңгээлине карабастан, өз тилинде газета-журналдарды чыгаруу мүмкүндүгүн алышты. Бурж. мамлекеттерде басма сөз капиталисттердин колунда болгондуктан, эмгекчилер Б. с. э. үчүн күрөш жүргүзүүдө.

БАСМА ЧЕПКЕН — чепкендин бир түрү, к. *Кементай*.

БАСМАЙЫЛ — унаага токулганы бекитүү үчүн колдонулуучу жабдык. Б. көбүнчө атайын өрүлгөн кайыштан жасалып, эки учуна жез, коло, темир д. у. с. материалдан тогоо кадалат. Унаага тартканда үстү жагынан алынчу тогоосуна ичке кайыш боо улаштырылат. Б-га көрпөчө бастыргыч кошо тагылат.

БАСМАКАНА — китеп, газета, журнал ж-а ар түрдүү басма продукцияларын даярдап чыгаруучу полигр. ишкана. Басуунун ар кандай ыкмалары колдонулган ишкана — полигр. комбинат, чыгарылуучу продукциянын бир эле түрүнө адистештирилген ишкана китеп ф-касы деп аталат. Иштеп чыгарылуучу продукциянын түрүнө карата Б. газеталык, газета-журналдык, китептик, бланкалык; ал эми продукциянын көлөмүнө ж-а жайланышына карата борб., респ-калык, обл., райондук болуп айырмаланат. Б-нын карамагында басылуучу формаларды даярдоочу (терүү, цинкография, стереотип), басуучу (жалпак калыпта, ротациялык ж-а тигель машиналарында), жасалгалоочу (брошюровкалоо, мукабалоо) цехтер, алардан башка да ремонттоо-мех., кагаз ж-а мукаба даярдоочу цехтер, лаборатория ж-а кампалар болот. Бул цехтерде тамга терүүчү (линотип, монотип), жалпак формалуу басуучу ж-а ротациялык, барак бүктөөчү ж-а чогултуучу, тигүүчү, кесүүчү машиналар орнотулат. Кырг-нда биринчи Б. 1925-ж. уюштурулган. Азыр респ-кабызда эң ири полигр. комбинат, респ-калык газета-журнал Б-сы, обл. 3, шаардык ж-а райондук ондогон Б-лар иштеп жатат.

Ад.: 400 лет русского книгопечатания, т. 1—2, М., 1964; Назаров А. И., Октябрь и книга, М., 1968.

БАСМАКАНА КУЙМАЛАРЫ — ариптерди, стереотип басуу формаларын даярдоо үчүн колдонулуучу түстүү металл куймалары. Б. к. калай, сурьма, коргошунду кошуп эритүүдөн алынат; алардын окула турган өлчөмү максатка ылайык өзгөрүлүп турат. Мис., ариптер куюлуучу куйманын составында 74—76% коргошун, 20—23% сурьма, 2—4% калай болот. Полигр. ө. ж-да бийиктиктен басуу формаларынын тамгалай ж-а саптай терилген ариптери, стереотиптер, бош жер толтуруучу ж-а коздоочу материалдар, сызгычтар Б. к-нан куюлуп даярдалат. Басылуучу продукциянын тиражын көбөйтүү максатында форманын бети гальваностегия ыкмасы м-н жалатылат. Азыр коргошун куймасына караганда абдан катуу цинк ж-а мышьяк куймалары көбүрөөк таралган.

БАСМАКАНА ЧЕН СИСТЕМАСЫ, *типометрия* — ар түрдүү терүү материалдарын ж-а басуу формаларынын даяр элементтерин ченөөчү бирдиктер. Б. ч. с-нын бирдиктерине *пункт* ж-а квадрат алынат. Метрдик системага чейин колдонуп келген француз дюймунун (бийикт. 27,1 *мм*) 1/72 бөлүгү пункт деп аталат. Кээ бир

өлкөлөрдө англия дюймунун (бийикт. 25,4 *мм*) негизинде түзүлгөн пункт (1 пункт=0,351 *мм*) колдонулат. Басмакана чен бирдиктери: квадрат=48 пункт, цицеро=12 пункт же $1/4$ квадрат. Метрдик система киргизилгенден кийин, СССРде басмакана чен бирдиги м-н метр ченинин ортосунда төмөнкүдөй барабардык түзүлдү: 1 пункт=0,376 *мм*, 1 цицеро=4,51 *мм*, 1 квадрат=18,05 *мм;* 2660 пункт=1 *м.*

БАСМАЧЫЛЫК—1917—30-ж. О. Азиядагы куралдуу контррев-чыл-улутчул кыймыл. Англия м-н Американын империалисттери Б-ды өздөрүнүн Кашгар, Индия, Афг-ндагы базалары аркылуу курал ж-а акча м-н жабдып, алардын аракетине багыт берип тур-



Басмачыларга каршы активдүү күрөшкөндөргө берилген значок.

ган. Б-дын социалдык базасы — эзүүчү таптардын калдыктары: байлар, соодагерлер, сүткорлор, ак гвардиячылар, молдолор, таптык белгилерин жоготушкандар, кылмышкерлер болгон. Өз катарына караңгы, динге берилген дыйкандарды да тартышкан. Б-дын 1-бандалары Совет өкмөтүнүн 1917-жылдагы бурж. «Кокон автономиялуу өкмөтүнө» каршы күрөшүү мезгилинде пайда болгон. Эзүүчү тап бул каракчыларды согуштук күч катарында Совет бийлигине каршы пайдаланып, алардын аракеттерине контррев-чыл панисламисттик, пантюркисттик саясий багыт беришкен. Б. кыймылы Кырг-ндын бир кыйла жерлеринде, Түркстандын Фергана, Самаркан, Сыр-Дарыя аймактарына жайылган. Убактылуу басып алышкан жерлеринде Б. зулумдук бийлик орнотушуп. жерг. Советтерди таратышкан, элден оор чыгым алып, баш ийбегендерди ырайымсыз жазалашкан. 1919-ж. Жалал-Абадда англ. империализмдин агенти К. О. Осипов м-н эсер Монстров кулактардан, эсерлерден, ак гвардиячылардан «Дыйкандар армиясы» түзүшкөн. Бул армия Б-дын эң эле ири бөлүгүн башкарган Мадаминбек м-н бирге 7 миңден ашык аскер курап, сентябрдын башында Совет өкмөтү м-н кармашууга чыккан. Алар Жалал-Абад, Ош ш-ларын ж-а аларга жакын болуштарды басып алышкан. 1919-ж. сентябрда ак гвардиячылар м-н Б-дын биригишкен согуштук күчтөрү Анжиянды басып алууга аракеттенгенде, Кызыл Армиянын бөлүктөрү тарабынан талкаланган. Компартия ж-а Совет өкмөтү бардык күчтү Б-га каршы күрөшкө бурду. Б-ды ж. б. контррев-чыл каршылыктарды жоюуда РКП(б) БК м-н РСФСРдин өкмөтү тарабынан 1919-ж. октябрда жиберилген атайын Түркстан комиссиясы зор жардам көрсөттү. Согуш операцияларын чечкиндүү жүргүзүү үчүн Түркстан аткычтар дивизиясы жиберилди. Кызыл Армиянын бөлүктөрү м-н бирге жерг. партиялык, сов. уюмдар түзгөн ыктыярдуу аскердик отряддар Б-га каршы күрөшүштү. 1922-ж. июнда Ош у-деги Б-дын бир нече бөлүгүн бириктирген Мойдунбектин 3 миңден ашык колу талкаланды. 1923—24-ж. Б-дын бардык ири бөлүктөрү негизинен жоюлду. Алардын кээ бир кор башылары өз отряддарынын калдыктары м-н чет мамлекетке качышты. Алар 1930-ж. мамл. чек араны (Афг-н, Кытай, Иран) бузуп, кайрадан Б. кыймылын жандандырууга аракеттеништи. Бул жолу Б-дын таянычы а. ч-сын коллективдештирүүгө каршылык көрсөтүшкөн байлар м-н кулактар болду. Бирок алар да талкаланды. О. Азиядагы Б. кыймылы крайдын эл чарбасына чоң зыян келтирди. Совет өкмөтү, парт. уюмдар Б. кыймылына каршы күрөшүүдө согуштук аракеттерин экон. чаралар ж-а саясий иштер м-н айкалыштыра жүргүздү.

Басмачылардын жырткычтыгынан бир көрүнүш.



Ад.: Ленин В. И., О Средней Азии и Казахстане, Таш., 1960; Кыргыз ССР тарыхы, Фр., 2-т. 1973; Малабаев Д., Укрепление Советов Киргизии в период строительства социализма, Фр., 1969; Никишов П. П., Борьба с басмачеством на юге Киргизии, Фр., 1967.

БАСОВ Николай Геннадиевич (14. 12. 1922-ж. т., Воронеж)—сов. физик, кванттык радиофизиканы негиздөөчүлөрдүн бири, СССР ИАнын акад. (1966), СССР ИАнын Президиум мүчөсү (1967), Соц. Эмг. Баатыры (1969). 1951-жылдан КПССтин мүчөсү. Москва инж.-физ. ин-тун бүткөн (1950). 1950-жылдан бери СССР ИАнын Физ. ин-тунда, ошол институттун директору, 1962-жылдан лаборатория башчысы. Москва инж.-физ. ин-тунун проф. (1963) «Природа» журналынын башкы редактору (1967). А. М. *Прохоров* м-н бирдикте кванттык системанын жардамы м-н электр-магниттик термелүүнү генерациялоочу жаңы методду иштеп чыгып, мол. 1-генераторду (мазер) түзгөн. Б. 1-болуп оптикалык диапазондогу *(лазер)* кванттык генераторго жарым өткөргүчтөрдү колдонуу идеясын сунуш кылып, ар кандай типтеги жарым өткөргүчтүү лазерлерди түзүү методун өркүндөттү. СССР Жог. Советинин 9-шайл. депутаты. Лениндик (1959) ж-а Нобель (1964) сыйл. лауреаты. Ленин ордени м-н сыйланган.



Н. Г. Басов.

Чыг.: Квантовая радиофизика, «Вестник АН СССР», 1960, № 4 (совм. с А. М. Прохоровым); Полупроводниковые квантовые генераторы, «Успехи физических наук», 1965, т. 85, в. 4.

БАСРА, Бассора — Ирактын түштүгүндөгү шаар. Калкы 313 миң (1965). Ал Шатт-эл-Араб д-дагы ири порт, автомоб. ж-а т. ж. тоому. Жип, аркан, спирт-арак чыгаруучу, курма жемишин иштетүүчү ишканалар бар. Б-га жакын жерден (Эззубайр ж-а Румайла) нефть алынат. Б-ны 637—638-ж. Халиф Омар негиздеген. 1258-ж. монголдор тарабынан талкаланган. 1-дүйн. согуштан кийин Ирактын карамагына өткөн.

БАСС КЫСЫГЫ — Австралия м-н Тасмания а-нын ортосундагы кысык. Тасман деңизин Инди океаны м-н туташтырат. Уз. 317 *км*, туурасы 224 *км*, тереңд. 97 *м*. Бат. бөлүгүндө Кинг, чыгышында Фюрно а-дары жайгашкан. Туруктуу агымы батыштан чыгышты карай агат. Ири порту — Мельбурн. Б. к. 1798-ж. аны ачкан англ. изилдөөчү Дж. Басстын ысмынан коюлган.

БАССЕЙН (спортто) — сууда топ ойноо, секирүү, сүзүү б-ча машыгуулар ж-а мелдештер өткөрүлүүчү көлмө. Табигый Б. суусу жай аккан, түбү тегиз, муздак булактары ж-а суу өткөрүүчү түтүктөрү жок көлмөлөргө курулат. Жасалма Б. бир же бир нече ванналардан, машыгууга даярдануучу аянттан ж-а тех. имараттардан турат. Б-дердеги суунун сапаты санитарлык талаптарга толук жооп бериши керек.

БАСТИЛИЯ — 1370—82-ж. Парижде курулган чеп. 15-к-дан баштап ал чеп гана эмес, мамл. түрмөнүн да милдетин аткарган. 16-к-дын аягынан тартып көбүнчө саясий күнөкөрлөр отургузулган. *Вольтер* анда 2 жолу камалган. 1789-ж. 14-июлда абсолютизмдин символу — Б-ны көтөрүлүшчүлөр басып алган. 1880-жылдан бери 14-июль Франциянын улуттук майрамы болуп белгиленди. Бул Улуу француз рев-ясынын башталышы болгон. Б. 1 жылдан кийин бузулган.

БАСТЫРМА — мал байлануучу, отун-суу, а. ч. техникасы, тоют, эгин, азык-түлүк ж. б. сакталуучу ачык же 1—3 тарабы тосмо ж-а үстү жабык сере. Ал көбүнчө жайыттарда, колхоздор м-н совхоздордун чарбакта рында курулат. Анын өзүнчө ж-а имараттын дубалына туташ тургузуучу 2 түрү бар. Мында колдогу арзан

материалдар: тактай, жыгач, чырпык, камыш ж. б. пайдаланылат. А. ч. техникасы сакталуучу Б. бекем болууга тийиш. Анын дубалдары темир-бетон каркастан жасалып, үстү асбес-цемент же шифер м-н жабылат. Тирөөчтөрү 6×6 *м* аралыкта орнотулат. Бийикт. 3—3,5 *м* болот, тамамына бетон, асфальт төшөлүп, шагыл төгүлөт. Б. оңой ж-а арзан салынат.

БАСУУ — басуу формасына сүйкөлгөн боёкту басым аркылуу кагаздын же башка материалдын бетине түшүрүп, көп сандаган окшош нускаларды алуу. Ал үч түргө бөлүнөт: бийиктиктен Б., тегиздиктен Б., тереңдиктен Б. Бийиктиктен Б-да форманын кагазга басыла турган элементтери жог. тегиздикте, басылбай турган элементтери төмөнкү тегиздикте жайланышат. Формага сүйкөлгөн боёк анын бийик элементтерине жугуп, андан кагазга түшүрүлөт. Бийиктиктен Б-нун формасы *басмакана* теримдери, ксилография, линогравюра, стереотип, тордуу ж-а кош түстүү клише болуп бөлүнөт. Тегиздиктен Б-да форманын кагазга басыла ж-а басылбай турган элементтери бир тегиздикте жайланышат. Цинк, алюм. же биметалл пластиналарынан жасалган форманын бетине сүрөт (текст) фотомех. жол м-н түшүрүлөт. Текстке сүйкөлгөн боёк хим. заттар м-н иштетилген резина пластинасына жугуп, андан кагазга басылат. Резина м-н аны иштеткен заттардын ортосундагы физ.-хим. процесстин негизинде форманын кагазга басыла турган элементтерине боёк жугуп, басылбай турган жерлерине боёк жукпай калат. Тегиздиктен Б-нун формасы литографиялык, офсеттик Б., фототипия деп аталат. Тереңдиктен Б-да жез цилиндрдин бетине сүрөт (текст) фотомех. жол м-н түшүрүлөт. Аны хлорлуу темир эритиндиси м-н бир нече жолу жедиргенде, форманын кагазга басыла турган элементтери желип ылдый түшөт да, басылбай турган элементтери жогору болуп калат. Сүйкөлгөн боёк оюктарга толгондон кийин форманын бетин толугу м-н жаап калат. Эгерде форма кол м-н даярдалса, боёк томпок кыргыч, фотомех. жол м-н даярдалса, ракель бычагы м-н кырып тазаланат. Оюкка толгон боёктор кагазга сүрөт же текст болуп түшүп, бычак м-н кырылган жерлери кагазда актай бойдон кала берет. Тереңдиктен Б-нун кол м-н даярдалган формасынын түрлөрү: оюп из түшүрүлгөн гравюра, меццо-тинто, офорт, *акватинта;* мех. жол м-н даярдалган формасынын түрлөрү: гелиогравюра, ракелдүү тереңдиктен Б., *автотипия.* Көп сүрөттүү кооз журналды, фотоальбомду ж-а портреттерди Б-да ракелдүү тереңдиктен Б. кеңири таралган.

БАСУУ ПРОЦЕССТЕРИ — окшош оттискаларды кагазга көп жолу кайталап түшүрүү процесстери. Б. п-не булар кирет: 1) басуу формасына боёк сүйкөө; 2) басуучу машинанын формасына кагазды иреттеп берүү; 3) оттисканы басып чыгаруу (боёк басым м-н формадан кагаздын бетине түшөт); 4) даяр оттискаларды кабыл алуу жайына жайгаштыруу. Басуунун сүрөттү боёксуз ныктап наар түшүрүү жолу да бар. Кийинки жылдарда тийиштирилбеген ж-а трафареттик Б. п. иштелип чыкты. Тийиштирилбеген Б. п-де боёк кагаздын бетине электр магнит талаасынын жардамы аркылуу түшүрүлөт. Ага электр фотография, ферромагнитография кирет. Трафареттик басуунун формасы элек сыяктуу тор болгондуктан, боёк тордун тешиктери аркылуу кагазга түшөт да, оттиск пайда болот. Ага мимеография, жибек тору аркылуу басуу ж-а сериография кирет.

БАСУУЧУ ТҮЗҮЛҮШ — *электрондук эсептегич машинанын* информациясын кагазга басуучу түзүлүш. Басыла турган информацияга жараша Б. т. цифра басуучу, тамга-цифра басуучу ж-а оператордук башкаруучу-басуучу болуп бөлүнөт. Цифра басуучу түзүлүш аракетте иштейт: 1) басыла турган машина сөзүн өзүнүн басуу регистрине кабыл алат; 2) алынган машина сөзүн эсептөө системасына жараша басуучу системага айландырат ж-а басуучу механизмди ишке киргизет. Басылуучу машина сөзү электрондук механизм аркылуу машинанын разряддык торуна жараша кабыл алынат. Алынып бүтөрү м-н жерг. басууну Б. т-түн командасы аркылуу ар бир басуучу разряд басылуучу сандардан өзүнө тийиштүү санды басуучу механизмине салыштырып таап, бөлүп турат. Басуучу механизмдер даярдалып бүтөрү м-н, басуу командасы берилиш, ар бир басуучу механизм өзүнүн иштөө шартына жараша басуу аракетин аткарат. Оператордук Б. т-тө болсо ар бир сан-тамга электр мех. жандыргычтан биринин артынан экинчиси удаа өтүп, басуучу механизмин ишке киргизет.

БАСЫМ — эки же көп муундуу сөздөрдүн бир муунунун башка муундардан күчтүү айтылышы. Азыркы тил илиминде Б. үч топко бөлүнөт: 1) сөздөгү басымдуу муун басымсыз муундан айтылыш күчү б-ча айырмаланганы — динамикалык Б. (мис., орус тилинде); 2) сөздөгү басымдуу муундун басымсыздан үн тонунун бийиктиги жагынан өзгөчөлөнгөнү — музыкалуу Б. (мис., дунган, кытай, япон тилдеринде); 3) сөздөгү басымдуу муун басымсыз муундан айтылыш убакыты б-ча айырмаланганы — созулма Б. (мис., грек тилинде) болот. Кийинки эксперименттик тил илиминин маалыматтары б-ча, Б-дын жог. үч түрү көп учурда айкалышып да кездешет (мис., динамика-созулма Б. кыргыз тилинде, динамика-музыкалуу Б. немец тилинде). Айрым тилдерде Б. сөз айырмалоо же сөз бөлүү милдетин аткарат. Мис., кыргыз тилинде Б. сөз бөлүү үчүн кызмат кылат *(Жолдош президент Сальвадор Альенде — Чилинин улуттук баатыры);* орус тилинде Б. сөз айырмалоо үчүн жумшалат (*мука́* — ун; *му́ка* — азап).

Ад.: Зиндер А. Р., Общая фонетика, Л., 1960; Реформатский А. А., Введение в языкознание, М., 1967; Орусбаев А., Киргизская акцентуация. Опыт экспериментального исследования ударения в слове и во фразе, Фр., 1974.

БАСЫМ — кандайдыр бир нерсенин бетине экинчи нерсенин тик аракет кылган күчүн мүнөздөөчү физ. чоңдук. Мис., үй фундаментинин — жерге, суюктуктун — идиштин түбүнө ж-а беттерине, цилиндрдеги газдын поршенге жасаган басымдары. Эгер аракет этүүчү күч бетке бир калыпта бөлүштүрүлсө, анда Б. $P = \frac{F}{S}$ формуласы м-н аныкталат; S — беттин аянты, F — күч. Эгерде күч бетке бир калыпта бөлүштүрүлбөсө, жог. формула орточо Б-ды аныктайт. Газдардагы Б. жылуулук кыймылында болгон газ молекулаларынын бири бирине же чектешип турган катуу нерсенин бетине үзгүлтүксүз урунуусунан пайда болот.

БАСЫМ АРКЫЛУУ МУЗДАК ШИРЕТҮҮ — басым күчүн колдонуу м-н металлдардын ширетилүүчү жерин пластикалык түргө айландырып, муздак абалда ширетүү. Бул ширетүүнүн чекиттик, жаракалык, роликтүү ж-а жылчыктуу ширетүү ыкмалары белгилүү. Ширетилүүчү буюмдардын ширетиле турган жери абдан тазаланып, анан бири бирине беттештирилет. Пластикалык жог. касиетке ээ болгон алюминийди, жезди ж-а жездин куймаларын басым күчүнүн таасири астында муздак абалда ширетүү жаңы ж-а прогресстүү методдордун бири болгондуктан, электр ө. ж-да кеңири колдонулууда. Ширетүү процессинде ымдардын ширетилүүчү жери кысуучу күчтүн таасири астында ысып, пластикалык түргө айланат да, муздагандан кийин биригип катып калат. Мындай ширетүүнүн артыкчылыгы: ширетүү учурунда электр энергиясы сарп кылынбайт, эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулайт, металлдардын составы өзгөрбөйт.

БАСЫМ АСТЫНДА КУЮУ — эриген металлды же куйманы чоң басым м-н (196 $Mн/м^2$) калыпка куюп, керектүү формадагы ж-а өлчөмдөгү тетиктерди алуу ыкмасы. Бул ыкма м-н куюу ныктоочу муздак ж-а ысык камералуу машинада аткарылат. Куюла турган эриген металл ныктоочу камерага кол м-н же өлчөмдөп куюучу аспап м-н куюлат да, андан ныктоочу поршендин басымы аркылуу тыгыз бекитилген калыпка куюлат. Калыптын ички көңдөйү жасала турган тетиктин формасындай болот. Куюлган металл каткандан кийин, калып ачылып, тетик бошотулат.

Эриген металл куюлуучу калып көбүнчө болоттон жасалып, анын ички бети чоң басымга чыдамдуу кылып даярдалат. Б. а. к. үчүн арналган машина бир жалпы станинага бекитилген эки механизмден турат да, анын бири металлга басым жасап, экинчиси калыпты жылдырып жөнгө салат ж-а тетикти түртүп түшүрөт. Куюлган металлга поршендин же кысылган абанын басым жасагандыгына карата машина поршендүү ж-а компрессордуу болуп бөлүнөт. Б. а. к. жолу м-н авиация, электр тех. ж-а аскер ө. ж. техникасында так өлчөмдөгү тетиктер даярдалат.

БАСЫМ МЕНЕН ИШТЕТҮҮ — машиналардын тетиктерин ж-а металл буюмдарды сомдоо же штамптоо жолу м-н даярдап чыгаруу. Сомдоо ж-а штамптоо м-н жасалган тетиктер самолётто, автомашинада, паровоздо көп болот. Бул тетиктер темирчилик-штамптоо өндүрүшүндө даярдалып, анда ар түрдүү өлчөмдөгү барскан м-н штамптар кеңири пайдаланылат. Машина м-н сомдоодо 100 *кг* — 10 000 *т* ж-а андан көбүрөөк басым м-н иштөөчү барскандар, гидравл. пресстер колдонулат. Тетиктерди сериялык ж-а массалык түрдө иштеп чыгаруучу өндүрүштөрдө ысык ж-а муздак штамптоо кеңири жүргүзүлөт. Штамптоо процессиндеги негизги аспап — штамп, ал аспаптык болоттон жасалат. Штамптоо иштери сомдоочу машиналарда ж-а ысык штамптоочу пресстерде жүргүзүлөт.

БАСЫМДЫ БИЛДИРГИЧ — суюктуктардын же газдардын басымын электрдик, пневматикалык ж. б. түрдөгү чыгыш сигналына айландырчу өзгөрткүч. Автоматтык текшерүү ж-а



жөндөө системаларында электрдик (а — сүрөт), пневматикалык (б — сүрөт) Б. б. кеңири таралган. Сезгич элементте (1) ченелүүчү басым (P) пайда кылган күч тескери байланыштын (3) күч түзүлүшүнөн алынган күч м-н түздөн-түз же рычаг системасы (2) аркылуу тең салмакталып турат. Өлчөнүүчү басым өзгөргөндө, индикатордун (5) башкаруучу органынын (4) абалы өзгөрөт. Пайда болгон келишпөөчүлүк сигналы күчөткүч (6) аркылуу күч түзүлүшүнө (3) берилет. Б. б-тин сезгич элементтери катары мембрана, сильфон, манометрдик түтүкчө ж. б. серпилгич элементтер колдонулат.

БАСЫП ЖАЗУУЧУ МАШИНКА — рычагдардын жардамы м-н тамгаларды бирден басып, тексттүү документтер даярдоодо эмгекти жеңилдетүүчү аппарат. Б. ж. м. колдонулушу б-ча төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: 1) механикалык ж-а электрлештирилген машинкалар — ишканаларда, мекемелерде ж-а уюмдарда колдонулат, каретасы 330—820 *мм*. Жазы кагаздарга басууга ылайыкталган; 2) ала жүрүп иштөөгө ылайыкталган чакан машинкалар, каретасы 240—330 *мм*; 3) жыйнактап басып жазуучу машинкалар ж-а автоматтар — информациялардын тексттерин эсте сактагычтарга код түзүүдө пайдаланылат; 4) атайылаштырылган ж-а атайын машинкалар, буларга: конструктордук чиймелерге тексттер түшүрүүчү, бланкаларды, паспортторду, технол. карталарды ж. б. толтуруучу, стенографияга ылайыкталган, ноталык тамгаларды ж-а белгилерди басып жазуучу, сокурлар үчүн арналган машинкалар кирет. Атайын машинкалардын бул түрлөрүнүн ар бири өзүнчө түзүлөт.

БАТАВ РЕСПУБЛИКАСЫ (1795—1806) — 1795-ж. январда Нидерланддардын терр-ясына Француз Респ-касынын аскерлеринин киришинин ж-а жерг. калктын көтөрүлүшүнүн (1795-ж. янв.— март) натыйжасында түзүлгөн респ-ка. Байыркы убакта Нидерланддардын терр-ясында жашаган батавдардын атынан аталган. Б. Р-нын 1795-ж. майда Франция м-н согуштук-саясий союз түзүшү анын Францияга көз карандылыгынын башталышы болду. Б. Р-нын ички өнүгүшүнө эл массасы колдогон майда ж-а орто буржуазиянын ири соода буржуазиясына ж-а финансы олигархиясына каршы саясий күрөшү мүнөздүү болгон. 1776-ж. 1-мартта Улуттук чогулуш даярдаган конституциянын долбоорун калктын көпчүлүгү четке каккан. Шайлоодо (1798-ж. янв.) басымдуулук кылган радикалдык топтор консерваторлорду өкмөт башынан четтетип, конституция сунуш кылды. 1798-ж. июндагы реакциячыл төңкөрүш бурж.-демокр. укук ж-а эркиндик ж-дөгү конституциядагы чараларды жүзөгө ашырбады. 1801-ж. демокр. бардык жеңип алууларды алып таштаган жаңы конституция таңууланган. 1806-ж. Наполеон Б. Р-сын Голландия королдугуна айландырып, бир тууганы Людовик Бонапартты анын королу деп жарыялаган.

БАТАЛДЫК ЖАНР (фр. bataille — салгылашуу) — сүрөт өнөрүнүн, асыресе живописттин согуш темасын чагылдыруучу түрү. Согуш майданын сүрөткө тартуу байыркы убакка таандык болсо да, Б. ж-дын калыптанышы 16—17-к-га туура келет. Тарыхый баталдык живописчилердин чеберчилиги, айрыкча француз бурж. рев-ясынан кийин, Наполеон согушкан доордо кеңири өнүккөн. Мис., А. Гро бүткүл чыг-лыгын Наполеон согуштарын мактоого арнаган. Россияда Б. ж. өз алдынча жанр катарында Петр Iнин доорунда пайда болуп, Европадагы улуу держава катары Россиянын жетишкендиктерин көрсөтүп, Петр Iнин жеңиштерин даңазалаган. Буга И. М. Никитиндин «Куликов салгылашуусун» атоого болот. Б. ж. айрыкча 19-к-дын 2-жарымында жогорку деңгээлге жетет. Орустун улуу живописчиси В. И. Суриков өзү жашаган доордун алдыңкы демокр. идеясын, тарыхтын жаңы түшүнүгүн, эл массасынын кыймылын Б. ж. аркылуу берген. Анын «Ермактын Сибирди багындырышы» картинасы (1895) Б. ж-дагы дүйн. живописттин эң мыкты үлгүлөрүнө кирет. Сов. Б. ж. Гражд. согуш мезгилинде пайда болуп, аны М. Б. Греков, М. И. Авилов, Ф. С. Богородский ж. б. башташкан. Сов. сүрөтчүлөр Улуу Ата Мек. согуш темасындагы бир катар чыг-ларын ушул жанрда жазышты. Мис., П. А. Кривоногов «Курск дугасында» (1949), Ф. С. Богородский «Курман болгон баатырларга даңк!» (1945) ж. б.

БАТАЛЬОН (фр. bataillon, итал. battaglione — отряд) — полктун, бригаданын жог. тактикалык бөлүкчөсү. Эгер Б. түздөн-түз бирикменин составына кирсе, ал өз алдынча админ. бирдик болуп саналат да, өзүнчө Б. деп аталат. Сов. Армияда танкалык, парашюттук-десанттык, сапёрдук, байланыш, автомобилдик, авторемонттук, курулуш ж. б. Б-дор бар.

БАТАРЕЯ — иш-аракети пайдалуу болсун үчүн бирдей типтеги бир нече прибордун, аппараттын, түзүлүштүн бирдиктүү бир системага же установкага биригишкен түрү. Бута кокс, радиатор, муздатуучу, электр Б-лары кирет. Электр техникада токтун хим. булактарын — термоэлементтерди же фотоэлементтерди конструкциялык ж-а электрдик жактан бир Б. кылып туташтырып, айрым элемент бере албай турган чыңалууну, ток күчүн, сыйымдуулукту, кубаттуулукту алууга болот.

БАТАРЕЯ (фр. batterie, battre — согуу сөзүнөн) **а с к е р д и к** — артиллериянын негизги аткыч бөлүкчөсү. Б. өзүнчө да болот (полктук батарея, жээктеги артилл. батареясы) же артилл. дивизиондордун (полктордун) составына кирет. Азыркы кездеги армияларда Б. 2—3 аткыч взводдон, башкаруу взводунан (бөлүк) түзүлүп, миномёт же 4—6 установка м-н жабдылат. Б. согушта көбүнчө толук составы м-н катышат.

БАТИАЛЬ, б а т и а л д ы к з о н а (гр. bathys — терең) — Дүйнөлүк океанда перит (тайыздык) м-н абиссаль (тереңдик) зоналарынын аралыгынан орун алган зона. Ал 200 *м* ден 2000 *м* ге чейинки тереңдикте жайгашып, күн шооласынын өтө аз же жок болушу, жыл мезгилдери б-ча темп-ранын бир аз өзгөрүп турушу ж-а суунун туздуулугу м-н мүнөздөлөт. Б-дын үстүңкү жагында жаныбарлардын көп бир түрлөрү, айрыкча балык көп. Өсүмдүктөрү сейрек. Океан түптөрүндө *батиаль чөкмөлөрү* жатат.

БАТИАЛЬ ЧӨКМӨЛӨРҮ — 200 *м* ден 2500 *м* тереңдикке чейинки океан ж-а деңиз түбүндө пайда болуучу жашыл, кызыл, көгүш түстүү ылайлар. Арасында кээде кум м-н шагыл болот. Негизинен терриген (кургактыкта пайда болгон) материалдарынан турат. Б. ч. байыркы тоо тек катмарларында жокко эсе болуп, көбүнчө палеоген м-н неоген чөкмөлөрүнүн арасында ж-а азыркы мезгилдеги океан м-н деңиздердин түбүндө кездешет.

БАТИСКАФ (гр. batýs — терең ж-а skáphos — кеме) — океан м-н деңиздердин тереңдигин изилдөөчү аппарат. Б. жеңил (калкыма) корпустан ж-а ички болот гондоладан турат. Экипаж, башкаруу аппаратурасы, байланыш радиостанциясы, телефон, теле көрсөтүү камерасы ж-а ил. приборлор гондолага, электр кыймылдаткычтары, аккумуляторлор, жарык кылгычтар, балласттар корпуска жайгаштырылат. Биринчи Б-ты швейц. окумуштуу О. Пиккар 1948-ж. куруп, сыноодон өткөргөн. 1960-ж. анын уулу Ж. Пиккар ж-а Д. Уолш «Триест» Б-ы м-н Тынч океанындагы Мариан кобулунун түбүнө жеткен.

БАТИСФЕРА (гр. bathýs — терең ж-а sphaíra — шар) — суу астында байкоо жүргүзүү үчүн ылайыкталган шар түрүндөгү камера. Ал телефон, өлчөө аспаптары, бир нече иллюминатор ж-а аба тазалоо системасы м-н жабдылат. Көбүнчө болоттон жасалат да, кемеден зым аркан м-н түшүрүлөт. Б-ны 1-жолу 1892-ж. итал. илимпоз Бальзамелло 165 *м* тереңдикке түшүргөн. Гидростаттардын чыгарылышына байланыштуу 20-к-дын 50-жылдарынан тартып Б. сейрек колдонулат.

БАТИЦКИЙ Павел Федорович [14(27). 6. 1910-ж. т., Харьков] — Сов. Союз. Маршалы (1968), Сов. Союз Баатыры (1965). 1938-жылдан КПССтин мүчөсү. Атчан аскер мектебин (1929), Фрунзе атн. Аскер академиясын (1938), Генштабдын аскер академиясын (1948) бүтүргөн. Эскадрондун командири. Генштабда иштеген, бригада, дивизия штабдарынын начальниги. Улуу Ата Мек. согушта Түн.-Бат. фронтто (1941—43) штабдын начальниги ж-а аткычтар дивизиясынын командири, Воронеж, 1—2-Укр. ж-а 1-Белорус фронтторунда 73- ж-а 128-аткычтар корпустарына командачы болуп, Берлинди, Праганы бошотууга катышкан. Согуштан кийин аскердик жетекчи кызматтарда. 1966-жылдын июлунан өлкөбүздүн Аба чабуулунан коргонуу аскерлеринин Башкы командачысы ж-а СССР коргоо министринин орун басары. 1966-жылдан КПСС БКнын мүчөсү. СССР Жог. Советинин 6—9-шайл. депутаты. 4 Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 5 Кызыл Туу, 2-дараж. Суворов, 1—2-дараж. Кутузов ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.


П. Ф. Батицкий.

БАТКАК МЕНЕН ДАРЫЛОО, п е л о т е р а п и я (гр. pelos — ылай, балчык ж-а therapeia — дарылоо) — жаралышы жагынан ар түрдүү баткак ж-а баткак сымал заттарды (парафин, озокерит ж. б.) дарылоо максатында колдонуу. Баткактын организмге тийгизген таасири анын радиоактивдүүлүгүнө, электрлик ж-а физ., хим., биол. касиеттерине байланыштуу. Баткак теридеги нервдердин учтарын дүүлүктүрүп, организмде биол. активдүү заттарды (гистамин, ацетилхолин) пайда кылат. Ал заттар мээ аркылуу *зат алмашууга*, ткандын тамактануусуна, жүрөк-кан тамыр ж-а нерв системаларына таасир берет. Баткак 36—40° темп-рага чейин жылытылып, тазартылып, дененин тийиштүү бөлүктөрүнө 15—20 *мин* жабылат.

БАТКЕН (элдик этимология б-ча, тажикче бат — шамал, шамалдын кени дегенден) — Ош обл-дагы Баткен р-нунун борбору, кыштак. Чоң-Алай кырка тоосунун Фергана өрөөнү жак этегинде. Б. аркылуу Ош — Исфана шоссе жолу өтөт. Ош ш-нан 290 *км*. Исфара (Тажик ССРи) т. ж. станциясынан 22 *км*. Калкы 4939 (1971). Май з-ду, «Кыргыз сельхозтехниканын» райондук бирикмеси, автомоб. моторлорун оңдоочу устакана, 2 орто мектеп, профтех. окуу жайы, сегиз жылдык мектеп, шофёр даярдоо курсу, кинотеатр, мад-т үйү, оорукана, поликлиника, 3 китепкана бар.

БАТКЕН РАЙОНУ — Кыргыз ССРинин Ош обл-нын бат. бөлүгүндөгү админ. район. 1933-ж. уюшулган. Батышынан Лейлек р-ну, чыгышынан Фрунзе р-ну, түндүгүнөн Тажик ССРи, түштүгүнөн Алай, Түркстан кырка тоолору м-н чектешет. Аянты 6,1 миң *км²*. Калкы 30,7 миң (1970-ж.). Б. р-нда 3 совхоз, бир колхоз, 40 кыштак, 7 айылдык совет бар. Райондун борбору — Баткен кыш. Исфара т. ж. станциясынан 22 *км* аралыкта. Б. р. Сох, Кишемиш капчыгайларын, Кара-Токой, Баткен-Бужум, Роут-Каут, Самаркандек-Рават тоо этектериндеги өрөөндөрдү ээлейт. Райондун терр-ясындагы тоолордун орт. бийикт. 4500 *м*. Айрым чокулары 5800 *м* ден жогору, эң жапыз бөлүгү (Роут-Каут) 1000 *м*. Кен байлыктарынан сымап, сурьманын бир аз запастары белгилүү. Шудман, Кожо-Ашкан өрөөндөрүндө жылуу булактар бар. Район курулуш материалдарына бай. Климаты кескин континенттик. Тоо этегиндеги дыйканчылык зоналарында жылдык орт. темп-расы 10,3°С, июлда 29,2°С, январда —4,1°С. Жаан-чачын дыйканчылык зоналарында 100—200 *мм*. Тоо бөлүгүндө 300—450 *мм* ден ашык, айрым жерлерде 900 *мм* (Сары-Таш). Ири суулары: Исфара, Сох ж. б. Тоо этегиндеги адырлар м-н түзөң жерлери кургак талаалуу келип, таштуу боз топурагына шыбак, бетеге, кызыл гүл чыгат. Тоолордун күрөң топурактуу тескей капчыгайларында — арча аралаш токой, шалбаа, күңгөй беттери талаа тибинде болуп, бетеге, ак кылкан, айгыр жыгар, шыбак өсөт. Жайыттардын 30% жайлоо. Калкынын көбү — кыргыз, тажик; орус, татар, украиндар да жашайт. Орт. жышт. 1 *км²* ге 5 киши. Б. р-нун экономикасынын башкы тармагы — мал чарбачылык. 142 миңден ашык кой-эчки (жер шартына ылайык эчки жалпы баштын 20%ин түзөт), 21 миң уй ж-а жылкысы (1974), бир аз бакма канаттуулары бар. 1972-ж. 10,1 миң гектарга жакын жерге дан эгиндери (5,9 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү (3 миң *га* га жакын), бир аз жашылча, бакча өсүмдүктөрү айдалган. Тех. өсүмдүктөн пахта (100 *га*), тамеки (150 *га* га жакын) эгилет. Баткенде илгертен өрүк көп өстүрүлөт. Сыйымд. 80 миң *м³* болгон Төрт-Күл суу сактагычынын бүтүшү м-н Баткен-Бужум, Кулкент, Чоң-Талаа, Паран талааларында кошумча 9 миң *га* жер сугарылып, райондун айдоо аянты 2 эсеге кеңейет. Келечекте негизинен тоют өсүмдүктөрү, пахта, тамеки айдалып, өрүк багынын аянты көбөйөт. Мында шоссе жолу негизги ролду ойнойт. Райондон Ош — Исфана автомоб. жолу өтөт. Райондун борбору Баткен аба жолу аркылуу Фрунзе, Ош, Жалал-Абад, Исфана, Ленинабад м-н байланышып турат. Б. р-нунда 30 мектеп, Караван а. ч. профтех. окуу жайынын бөлүмү, 3 оорукана, амбулатория, төрөт үйлөрү, медпункттар, 19 клуб, 22 китепкана, элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат, соода мекемелери иштейт. 1945-жылдан «Кызыл Туу» аттуу райондук газета чыгат.

БАТМАН — 1) салмак чен бирдиги. О. Азия элдеринде Окт. рев-ясына чейин колдонулуп келген. Б-дын ченем бирдиги ар кайсы жерде ар түрдүү алынган. Мис., Ташкен, Кокон, Самаркан ш-ларында бир Б. 8 пудга,



П. А. Батманов.

Олуя-Ата ж-а Талас ороондорунде 12 пудга барабар болгон. 2) Аянт өлчөө бирдиги. Б. Ташкенде 1 теше, Талас ороонунде 12 теше жерге жакын болгон. 3) Салмагы белгисиз чоң өлчөм бирдиги. Кыргыз элп Россияга ыктыярдуу кошулгандан кийин, дүйнө элдеринде кабыл алынган чен бирдиктеринин киргизилиши м-н Б. өз мааниспн жоготкон.

БАТМАНОВ Игорь Алексеевич (28. 10. 1906, Луцк ш., Волынск губ.,—8. 1. 1969, Фрунзе) — сов. тилчи, түрколог, филол. илимд. доктору (1950). Кыргыз ССР ИАнын акад. (1954), респ-канын илимге эмг. сиң. ишмери (1963), Кыргыз ССРинин эмг. сиң. мугалими (1956). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. УССР ИАнын алдындагы Чыгыш таануу пл. ассоциация курсунун түрк болумүндө окуган (1925—27). Ташкен ун-тинин чыгыш тилдери кафедрасынан аспирантураны аяктап, 1941-ж. филол. илимд. кандидаты деген пл. даража алган. 1951-жылдан СССР ИАнын Кырг-ндагы филиалынын Тил, ад-т ж-а тарых ин-тунун директоруна пл. иштер б-ча орун басар; 1954-жылдан Кырг-н ИАнын Тил ж-а ад-т ин-тунун директору, Кыргыз кыз-келиндер педин-тунун кафедра башчысы, 1959-жылдан Кырг-н ИАнын Тил ж-а ад-т ин-тунда түркология секторунун, 1963-жылдан Чыгыш таануу болумүнө башчы болуп иштеген. Б-дун пл. иштери негизинен кыргыз тилине арналган: «Кыргыз тилинин элементардык грамматикасы» (1932, 1933, орусча ж-а кыргызча чыккан), «Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрү» (1936, орусча), «Кыргыз тилинин түндүк диалектилери» (1938), «Кыргыз тилинин грамматикасы» (3 болүктөн турат. 1939—40), «Кыргыз тилинин фонетикалык системасы» (1946), «Кыргыз тилин үйрөнүүгө кыскача киришме» (1947), «Кыргыз адабий тилинин калыптаным маселелери» (1952), «Кыргыз тилинин грамматикасын түзүү принциптери» (1954). Б. өмүрүнүн акыркы жылдарында байыркы түрк жазма эстеликтеринин тилин изилдөөгө көп көңүл бурган. Ушул маселеге байланыштуу анын төмөнкүдөй эмгектери орус тилинде жарыяланган: «Байыркы түрк жазма эстеликтеринин тили» (1959), «Азыркы жана байыркы енисейка» (1962), «Туванын байыркы түрк жазма эстеликтери» (1963—65) ж. б. Б-дун кыргыз тили ж-а байыркы түрк тили б-ча 90дон ашык эмгеги ж-а макалалары бар. Сов. ж-а чет элдик түркологдордун арасында чоң кадыр-баркка ээ. Б. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Лб.: Сартбаев К., Турсунов А., Юбилей академика Игоря Алексеевича Батманова. (К 60-летию со дня рождения), «Изв. АН Кирг. ССР», 1966, № 3; Игорь Алексеевич Батманов. Некролог, «Советская тюркология», 1970, № 1.

БАТОВ Павел Иванович [20. 5(1. 6). 1897-ж. т.] — армиянын генералы (1955), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1943; 1945). 1929-жылдан КПССтин мүчөсү. 1915-жылдан армияда, 1-дүйн., Гражд. согуштарга катышкан. «Выстрел» курсун (1927), Жог. академиялык курсту (1950) бүтүргөн. 1936—37-ж. Испаниядагы гражд. согушка, 1939—40-ж. сов.-финл. согушка катышкан. Б. Улуу Ата Мек. согушта ж-а согуштан кийин аскердик жооптуу жетекчи кызматтарда, СССР Жог. Советинин 1—2- ж-а 4—6-шайл. депутаты. «Одер операциясы» (1965) ж. б. аскерүүлөрдүн автору. 5 Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 3 1-дараж. Суворов, 1-дараж. Кутузов, 1-дараж. Богдан Хмельницкий, «Ардак Белгиси» ордендери, чет өлкөлүк 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАТОЛИТ (гр. báthos — терендик. lithos — таш) — жер кыртышынын терең катмарында пайда болгон ири көлөмдүү интрузия (көбүнчө гранитоид) тоо тектеринин жайгашуу формасы. Мурда Б. төмөн карай чексиз терендикке созулган, аябаган зор өлчөмдөгү магмалык массив деп эсептелсе, кийинки кезде геофиз. изилдөөлөрдүн натыйжасында Б-тердин астында метаморфизмделген тоо тектердин жаткандыгы, алардын ар түрлүү формаларда жайгаша тургандыгы, өлчөмдөрүнүн чексиз эместиги белгилүү болду. Б. орун алган жерде калай, вольфрам, алтын ж. б. металлдардын кендери кездешет. Б-тер Уралда, О. Азияда, Каз-нда, Забайкальеде, Кавказда, Карелияда кеңири таралган. Кырг-нда Суусамыр Б-и ж. б. бар.

БАТОМЕТР — суунун физ., хим. касиеттерин, анын составындагы орг. эмес заттарды изилдөө максатында көлмөнүн терендигинен суу алуу үчүн колдонулуучу прибор. Иштөө принциптери б-ча Б. төз ж-а жай толмо болуп бөлүнөт. Практикада көбүнчө 2 учунда жабылмалуу капкактасы м-н оодарылмалуу термометри бар ичке латунь цилиндринен (көлөмү 300—1000 $см^3$) турган Б. колдонулат. Ал троско байланып, капкактары ачык б-ча сууга тик ылдый чөгөрүлөт. Белгилүү терендикке жеткенде, анын артынан түшүрүлгөн жүктүн жардамы м-н капкактарды кармап турган тетик бошоп, цилиндр жабылат да, суу анын ичинде калат.

БАТРАКТАР — капит. айыл чарбадагы жалданма жумушчулар; малы, мүлкү жок, жери жетишсиз болгондуктан, элет жеринде байларга, капиталга жалданып иштеген кишилер, элеттеги пролетариат. Алардын бирден бир жашоо булагы — жалданма эмгек, буларга эмгек акы башка а. ч. жумушчуларына караганда кем төлөнөт. Батрактык Кырг-нда эзүүчүл капит. формасынын калыптанышына жараша өнүккөн. Патриархалдык-феод. мамилелердин шартында, өзгөчө уруучулук сактал турган кыргыздар арасында Б. айрыкча эзилген; мал чарбачылыгында, *Батуми ботаника багы* бар.

БАТУМИ БОТАНИКА БАГЫ—СССРдеги эң ири ботан. бактардын бири. Батуми ш-нан 9 *км*, Жашыл Тумшук т. ж. станциясына жакын жерге жайгашкан. Аянты 111 *га*. Жери адырлуу, кызыл топурактуу. Бак 1912-ж. негизделген. Максаты — баазуу субтроник өсүмдүктөрүн өстүрүү ж-а аларды Россиянын түш. р-ндоруна жайылтуу. СССР ЭКСтин 1925-жылдын 30-июлундагы токтомуна ылайык бул бак субтроник өсүмдүктөрүн (чай, цитрус ж. б.) өстүрүүчү пл. мекеме болуп калды. Бакта Закавказье, Жаңы Зеландия, Австралия, Гималай, Чыг. Азия, Түн. Америка, Мексика, Жер Ортолук деңизинин жээктеринин субтроник өсүмдүктөрүн өстүрүүчү болүмдөрү бар. Анда өсүмдүктүн 5 минден ашык түрү, анын ичинен 2 мингө жакын бадал-дарак түрү осот.

БАТУТ, батуд (фр. bataude, итал. battuta — уруу) — резина амортизаторлор аркылуу рамага горизонталь абалда бекитилген сокмо тор. Анын үстүндө гимнасттар, акробаттар, суугa секирүүчүлөр секирип машыгат. Б-тун бүктөмө, ажыратма түрү бар. Уз. 5, туурасы 1,5 *м* келип, жерден 1,2 *м* бийиктикте орнотулат.

БАТЫЙ, Бату, Саин-хан (1208—1255) — монгол ханы, Чынгысхандын улуу баласы Жучинин уулу. Атасы өлгөн соң (1227) Жучи улусуна башчы болуп калат. Кыпчак талаасы м-н Русту каратып (1236), Чыг. Европага жортуул жасайт (1237—43). Басып алган шаарларды өрттөп, элин кырат. Руска каршы күрөштө Б-дын аскерлери зор жоготууларга учураган. Чыг. Европа (Польша, Чехия, Венгрия, Далмация) элдеринин ж-а тылдагы орус элинин каршылык көрсөтүүлөрү аны шашылыш чегинүүгө (1242) аргасыз кылган. Монголдун улуу ханы Угедейдин өлүмү (1241) Б-ды Жучи улусуна келип, өз абалын чындоого мажбур кылат. 1243-ж. В. Волганын төмөнкү агымында борбору Сарай-Бату болгон феод. Алтын Ордо мамлекетин негиздейт. Анын аймагы Иртыштан Дунайга, Уралдын түштүгүнөн Түн. Кавказга чейин созулган. Б. Монголия империясындагы төңкөрүшкө (1251) катышкан ж-а Мункэнин империяга улуу хан болушуна көмөк көрсөткөн.

БАТЫНЫС (орусча подпос — алып баруу же ташуу) — бир нече идиштеги тамак-аштарды меймандардын алдындагы дасторконго жеткирүүдө, анда бошогон идиштерди ашканага ташууда колдонулуучу тайпак идиш. Б. өтө жука тактайдан, металлдан, пластмассадан тегерете чети бир аз курбулана кайрылып, сүйрү же тегерек түрдө жасалат. Б-тардын бет жагы түрдүүчө (купалоо, оймо-чиймелөө; гүлдүн, коюз жерлердин, адамдын, малдын, канаттуулардын ж. б-дын сүрөттөрүн тартып) кооздолот. Б. мейман күтүү учурунда көп колдонулат. Жеңекей убактарда ал нан, боорсок салынчу идиш катары керектеле берет.

БАТЫРАЙ Омарла (1831—1910) — даргин акыны, даргин поэзиясындагы демокр. ж-а реалисттик багытты негиздөөчүлөрүнүн бири. Б. О-нын ырлары эл оозунда сакталып калган. Чыг-лары Окт. рев-ясынан кийин жыйналып жарыяланган (1928). Ал ырларында айылдык карапайым эмгек адамдарынын оор турмушун («Турмуш жөнүндө») сүрөттөгөн. Анын ырлары пукура элдик мүнөзгө ээ. Эмгекчи элдин мүдөөсүн көздөп, укуксуз аялдардын таламын талашкан («Сүйүү жөнүндө»).

БАТЫРЧАЕВ Ибрагим Естебесович (25. 8. 1932-ж. т., Түп р-ну, Сары-Дөбө кыш.) — сов. химик, техника илимд. доктору (1974). 1960-жылдан КПССтин мүчөсү. ФПИнин жалпы химия кафедрасына башчы (1974). КМУну бүтүргөн (1954). 1954—57-ж. аспирант, Кыргыз ССР ИАнын химия ин-тунда туздардын физ.-химия лабораториясына башчы болуп иштеген (1962—74). Анын пл. иштери минералдык туздар ж-а сууларды эл чарбасына комплекстүү пайдалануу-га арналган. Б-дин 70ке жакын пл. иши, 2 монографиясы, 2 авторлук күбөлүгү бар. Б. медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Кыргызстандын химиялык сырьесунун ресурстары жана аларды пайдалануу, Фр., 1967; Химия жана техникалык прогресс, Фр., 1972; Природные соли Киргизии и их использование, Фр., 1974.

БАТЫШ АВСТРАЛИЯ АГЫМЫ — Инди океанындагы муздак агым, Австралиянын бат. жээгинде; *Батыш Шамал агымынын* түп. салаасы. Түштүктөн түндүккү карай агат. Ылдамд. 0,7—0,9 *км/с*. Суунун орт. жылдык темп-расы 15°С, тузд. 35,5—35,7‰. Бул агым троник кендиктеринде Түш. Пассат агымына кошулат.

БАТЫШ БЕНГАЛ ШТАТЫ — Индиянын чыгышындагы штат. Ал Бенгал булуңунун жээгинде, Ганг дельтасынын бат. болүгүн ээлейт. Аянты 88 миң $км^2$. Калкы 44,6 млн. (1971). Админ. борбору — Калькутта. Б. б. ш.— Индиядагы ө. ж. (оор, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж.) жогорку деңгээлде өнүккөн штаттардын бири. Калькутта ГЭСи, Дургапур, Бенгал ГЭСи, кара металлургия, металл иштетүү, машина куруу, хим. ө. ж., кездеме машина куруу, хим. ө. ж., чай тигүү, айнек, бут кийим, полигр., чай ишеп чыгаруу ж-а күрүч тазалоо иштеп чыгаруу ж-а күрүч тазалоо ж. б. ф-калары бар. Оор ө. ж. өнүккөн шаарлары: Асансол, Бернпур, Дургапур ж. б.

БАТЫШ БЛОГУ, Батыш союзу — Бельгия, Улуу Британия, Люксембург, Нидерланддар ж-а Франциянын согуштук-саясий уюму. 1948-ж. 17-мартта Брюссель пактысына ылайык 50 жылга түзүлгөн (1948-ж. 25-августта күчүнө кирген). Мында эгерде Германия жаңы агрессиячыл согуш баштаса, ага Б. б. жардам берүүгө даяр экендиги айтылган. Б. б. кээ бир статьяларында соц. өлкөлөргө каршы багыттоо тууралуу да жазылган. Улуу Британия өзүнүн эл аралык абалын чындоо үчүн аракет жасап, ал Б. б-н түзүүнүн да демилгечиси болгон. Б. б. 1949-ж. НАТО договорун түзүүнүн даярдыгы болуучу. 1955-ж. майда буга ГФР м-н Италия киргенден кийин, Б. б. Бат. европ. союзга айланды.

БАТЫШ ВИРГИНИЯ — АКШнын чыгышындагы штат. Аянты 62,6 миң $км^2$. Калкы 1701,9 миң (1970). Админ. борбору — Чарлстон. Штат Аллеган платосунда жайгашкан. Экономикасынын башкы тармагы — тоо-кен ө. ж-ы. АКШда таш көмүр казуу б-ча 1-орунда. Газ, нефть алынат. Кара металлургия (Уилинг), химия (Чарлстон), алюм. (Рейвенсвуд) ө. ж. бар. Жери тоолуу болгондуктан, мал чарбачылыгы өнүккөн. Шоссе ж-а т. ж. транспортунун мааниси чоң.

БАТЫШ ГРЕНЛАНДИЯ АГЫМЫ — Баффин булуңундагы жылуу агым, Түн. Атлантика агымынын бир тармагы. Түштүктөн түндүккө Гренландиянын бат. жээгин бойлой агат. Орт. темп-расы 3,5°С. Суткалык ылдамд. 9—13 *км*.

БАТЫШ ЕВРОПАЛЫК СОЮЗ — составына Бельгия, Улуу Британия, Люксембург, Италия, Нидерланддар, Франция, ГФР кирип, 1955-ж. түзүлгөн согуштук-саясий уюм. Б. е. с. ж-дөгү договордун мөөнөтү 1998-жылга чейин. Б. е. с. Бат. Германиянын терр-ясында АКШнын, Англиянын, Франциянын оккупациялык режими аяктагандыгын ырастаган ж-а СССРге ж. б. соц. мамлекеттерге каршы багытталган. Түн. атлантикалык союзга ГФРдин киришин бекиткен. Париж келишимдеринде (1959) ылайык кайра түзүлгөн. Б. е. с. м-н Түп. атлантикалык союздун ортосунда тыгыз байланыш бар. Б. е. с-дун жетекчи органы — өнөктөш өлкөлөрдүн тышкы иштер министрлеринен турган Совет ж-а өкөл өлкөлөрдүн парламентарийлеринен турган Ассамблея. Совет м-н Ассамблеянын чечими сунуш катарында гана болот. 60-жылдары ж-а 70-жылдардын башында өнөктөш өлкөлөрдүн ортосундагы карама-каршылыктардын күчөшүнө ж-а Бат. европ. башка уюмдардын 1-планга чыгышына байланыштуу Б. е. с-дун иш-аракети напарлап калды.

БАТЫШ ИНДИ КЫРКА ТООСУ — Инди океанынын түш.-батышындагы суу астындагы кырка тоо. Түш.-батышынан Африка-Антарктика, түш.-чыгышынан Араб-Инди ж-а Борб. Инди кырка тоолору м-н туташат. Уз. 4000 *км*, туурасы 200—300 *км*. Кырка тоонун үстүнөн, суунун бети-

не чейинки аралыгы 2000—3000 *м*, тайыз жери 250 *м*. Тоонун үстү өтө тилмеленген. Серпентинит, перидотит сыяктуу чулу тоо тектерден турат. Аймагында жер титирөө көп.

БАТЫШ ИРИАН — Индонезиянын составына кирген Жаңы Гвинея а-нын бат. бөлүгү. Аянты 412,8 миң *км*^{2}, калкы 931 миң (1971). Байыркы убакта ж-а о. кылымда индонезиялык ар кандай мамлекеттер Б. И-дагы уруулар м-н байланышта болуп турган. 17-к-да ал Тидоре султанатынын таасир чөйрөсүнө кирген. Голл. колонизаторлор 1828-ж. Б. И-дын түш.-батышын, 1848-ж. түн. жагын басып алган. 1905-ж. Нидерланддык Ост-Индиянын составдуу бөлүгү болуп калган. Индонезия көз каранды эмес мамлекет болуп жарыялангандан кийин да (1954) Нидерланддар Б. И-да контролдугун сактап, Б. И-ды Индонезияга берүү ж-дө сүйлөшүүлөрдү үзгүлтүккө учураткан. Бул проблеманы ООНдун Ген. Ассамблеясынын сессияларында талкуулоо да (1954—57) натыйжа берген эмес. Б. И-ды боштондукка чыгаруу үчүн Индонезиядагы кыймыл акыры нидерланддар өкмөтүн Б. И-ды Индонезияга берүү ж-дө келишимге кол коюуга (1962-ж. 15-авг.) мажбур кылган. Бул маселе 1963-ж. жүзөгө ашырылып, Б. И-да 1969-ж. өткөрүлгөн референдумда биротоло чечилген.

БАТЫШ САМОА, к. *Самоа Батыш.*

БАТЫШ СИБИРЬ МЕТАЛЛУРГИЯ ЗАВОДУ (Улуу Октябрдын 50 жылдыгы атн.) — СССРдин кара металлургиясындагы эң ири ишканалардын бири. Кемерово обл-дагы Новокузнецк ш-да жайгашкан. Заводдун кокс-химия өндүрүшү, домна, конвертер ж-а прокат цехтери бар. Ал майда ж-а орточо сорттуу прокат чыгарат. Аны куруу 1957-ж. башталып, 1963-ж.— № 1, 1964-ж.— № 2, 1967-ж. — № 3, 1968-ж. — № 4, 1971-ж.— № 5, 6 кокс батареялары ишке киргизилген. 1971-ж. Ленин ордени м-н сыйланган.

БАТЫШ СИБИРЬ НЕФТЬ-ГАЗ АЙМАГЫ — СССРдеги нефть м-н газдын ири кендери жайгашкан эң зор аймак. Ал Бат. Сибирь түздүгүндө Тюмень, Омск, Курган, Томск обл-тарынын аймактарын ж-а Свердловск, Челябинск, Новосибирск обл-тары м-н Краснояр, Алтай крайларынын айрым бөлүктөрүн ээлейт. Аянты 3,5 млн. *км*^{2} ге жетет. Аймак юра, бор, палеоген ж-а неоген мезгилдеринде пайда болгон терриген чөкмөлөрүнөн түзүлгөн. Триас м-н палеозойдун тоо тектери ойдуңдарда ж-а платформа фундаментинде гана кезигет. Нефть м-н газ кендери юра ж-а бор мезгилдеринин катмарларындагы кумдук, алевролит тоо тектери м-н байланыштуу. Аймакта 40тан ашык продуктивдүү *геологиялык свиталар* табылган. Алардын калыңд. 1—45 *м* келип, 2—3 миң *м* тереңдикте жатат. Аймактагы кендер жог. дебиттүүлүгү м-н айырмаланат (нефтиники 200 *т/сут*, газдыкы 5 млн. *м*^{3}*/сут* га чейин). Нефтинин тыгызд. 880 *кг/м*^{3}, составында күкүрт аз (1,1%), бензин фракциясы көп (40—60%), парафин 0,5% ке чейин жетет. Газы жог. сапаттуу, составында метан 90—98%, оор углеводород 1—4%, азот 3—6%, көмүртектин кош кычкылы 0,1—2%. Жылына 31,4 млн. *т* нефть, 9,4 млрд. *м*^{3} (1970) газ алынат. Нефть алуу 230—260 млн *т* га жеткирилет. Аймактын нефтиси Омск ж-а Ангарск нефть иштетүү з-ддоруна, газы Уралга жиберилет.

БАТЫШ СИБИРЬ ТЕМИР ЖОЛУ Томск ж-а Омск т. ж. бириктирилип, 1961-ж. түзүлгөн. Башкармасы Новосибирск ш-да. Жол Омск, Томск, Новосибирск, Кемерово обл-тары ж-а Алтай крайы м-н өтөт, айрым тармагы Көкчө-Тоо, Павлодар обл-тарынын аймагында. Уз. 5712 *км*, бүткүл т. ж-дун 4,3%ин түзөт. Сибирди ж-а Ы. Чыгышты өлкөнүн бардык р-ндору м-н байланыштырат. Жүк ташуу б-ча СССРдеги т. ж. ичинен 1-орунда. Негизги пункттары: Новокузнецк, Комбинатск, Кемерово, Белово, Островск, Прокопьевск, Томск, Междуреченск, Ленинск-Кузнецк ж. б. Ленин ордени м-н сыйланган (1966).

БАТЫШ СИБИРЬ ТҮЗДҮГҮ — жер шарындагы ири түздүктөрдүн бири. Батышынан Урал тоолору, чыгышынан Енисей д-сы, түндүгүнөн Карск деңизи, түштүгүнөн Торгой түздүгү, Казак Сары-Арка дөңсөөсү ж-а Алтай тоолору м-н чектешет. Аянты 2,6 млн. *км*^{2} ге жакын, түндүктөн түштүктү карай 2500 *км*, батыштан чыгышка 1000—1900 *км* созулуп жатат. Эң жапыз жери борб. бөлүгүндө (140 *м*), чет жакаларын көздөй бийиктейт (175—250 *м* ге чейин). Чөкмө борпоң тектердин катмарларынан турат. Газ ж-а нефтинин ири кендери бар. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы түндүктө 4°С, түштүктө 22°С, январдыкы түндүктө —28°С, түштүктө — 16°С. Жылдык жаан-чачыны 500 *мм*. Дарыяларынын бардыгы Обдун алабына тийиштүү (Обь, Иртыш, Тоболь). Көл ж-а саздуу жерлер көп (өзгөчө түш. бөлүгүндө), түн. бөлүгү тундра өсүмдүктөрү, токойлуу тундра, ортоңку бөлүгү ийне жалбырактуу токойлор (кедр, пихта, карагай ж-а сибирь лиственницасы) м-н капталган, түштүгүндө токойлуу талаа ж-а талаа тилкелери орун алган. Токойдун жалпы аянты 60 млн. *га* дан ашык. Табигый зоналарына карата жаныбарлар дүйнөсү да түрдүү: тундрада ак түлкү, уюл үкүсү ж. б.; тайгада багыш, кереңкур ж. б; токойлуу талаада сары чычкан, каракур ж. б.; талаада карсак, тоодак ж. б. кездешет. Б. С. т-нүн түш. бөлүгүндөгү кеңири мейкиндиктерде дан ж-а тех. өсүмдүктөр эгилет, мал чарбасы өнүккөн.

БАТЫШ СИБИРЬ ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОНУ — СССРдин чыгышындагы ири экон. р-ндордун бири. Ага Алтай крайы, Кемерово, Новосибирск, Омск, Томск ж-а Тюмень обл-тары кирет. Аянты 2427 миң *км*^{2}. Калкы 12 105 миң (1971). Калктын 90% орус, мындан ненец, манси, алтайлыктар ж. б. бар. Шаар калкы 63% (1970). Орт. жышт. 1 *км*^{2}ге 5 киши. Ири шаарлары: Новосибирск, Омск, Новокузнецк, Барнаул, Кемерово, Томск, Тюмень. Табиятын, к. *Батыш Сибирь түздүгү.* Өлкөбүздөгү 2-көмүр базасы — Кузнецк бассейни ушул райондо, запасы 905 млрд. *т* (бүткүл союздук запастын 10,7%). Кузбасс Сов. Союзундагы өндүрүлүүчү көмүрдүн 17%ин берет, анын 30% металлургияга керектүү кокстолуучу көмүр. Нефть алуу б-ча СССРде алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Тюмень м-н Томск обл-нын аймагында нефтинин 40тан ашык ж-а табигый газдын 30га жакын ири кени табылган. Райондо чым көңдүн табигый запасы 80 млрд. *т* (бүткүл союздук запастын 50%). Булардан башка темир рудасы (Тоолуу Шория), марганец (Кузнецк Алатоосу) ж. б. кен байлыктар казылып алынат. Ө. ж-нын башкы тармактарынын бири — кара ж-а түстүү металлургия. Металл эритүү б-ча өлкөдө 3-орунда (Украина ж-а Уралдан кийин). Металлургия ө. ж-нын борборлору — Новокузнецк (металлургия комбинаты, ферросплав, алюм. з-ддору), Новосибирск (металлургия, калай з-ддору), Белово (цинк з-ду). Б. С. э. р. машина куруу ө. ж-нын өнүгүшү жагынан Сов. Союзунун чыг. р-ндорунун ичинен 2-орунда (Уралдан кийин). Химия ө. ж-ы негизинен көмүрдү ж-а нефтини кайра иштетүүгө багытталган (азот, жер семирткич, синтет. спирт ж-а каучук, жасалма ж-а синтет. була, шина, ар түрдүү боёктор ж. б.). Б. С. э. р.— өлкөбүздөгү токою мол р-ндордун бири. Токойлорунун жалпы аянты 58 млн *га*. Жыгач иштетүү ишканалары Тюмень, Томск обл-тарында. А. ч-нын негизги багыты — дан, сүт ж-а эт өндүрүү. Райондо 886 колхоз ж-а 1081 совхоз (1971) бар. Айдоо аянттары көбүнчө р-ндун түш. бөлүгүндө. Өлкөбүздө жыйналуучу эгиндин 19% ж-а эттин 5,8%, сүттүн 6,9%, жүндүн 4,3%, жумуртканын 5,5%ин берет. Районду Транссибирь (Тюменден Мариинскиге чейин), Орто Сибирь (Омск — Карасук — Камень-на-Оби — Барнаул), Түш. Сибирь (Кулунду — Барнаул — Новокузнецк), Түркстан — Сибирь (Новосибирск — Барнаул — Рубцовск) т. ж-дору кесип өтөт. Обь, Иртыш ж-а Томь д-ларынын төмөнкү агымында кеме жүрөт.

БАТЫШ ТҮРК КАГАНАТЫ (601—704) — Борб. Тянь-Шандын, Каз-ндын ж-а Чыг. Түркстандын аймагын ээлеген феод. мамлекет. 6-к-дын 80-жылдарынын аягында *Түрк каганаты* Б. Т. к. ж-а Чыгыш Түрк каганаты болуп бөлүнгөн. Бул болсо уруулардын этникалык составынын экон. ж-а маданий өнүгүш деңгээлинин, о. эле

бат. аймактарынын терр-ялык бөтөнчөлүгүнүн негизинде келип чыккан. Азыркы Нарын ж-а Ысык-Көл обл-тары, Чүй ж-а Талас өрөөндөрүн Б. Т. к. ээлеп турган. Бул жерлерде *сактар* м-н *усундардын* калдыктары, *түргөштөр* м-н *карлуктар, ягмалар* м-н *кангүлөр* жашашкан. Кагандардын ставкасы Чүй суусунун боюндагы Суяб ш-да болгон (азыркы Токмокко жакын). Мамлекеттин башында «эл» деп аталган эң көрүнүктүү феодалдар турган. Уруу башчыларынын жыйынында башкаруучу ж-а аскер башчысы — *каган* шайланган. Каган өз алдынча падыша сыяктуу болуп, өз тууганадарына ж-а уруу башчыларына таянган. Үстөмдүк кылган таптын негизи уруу байлары, феодалдар болгон. Мамл. башкаруучу аппарат аскер башындагы бектер м-н толукталып турган. Эзилген тап «кара будун», «букара эл» деп аталган. Көчмөн калк феодалдар уюштурган согуш жортуулдарына катышууга милдеттүү болгон. Көчмөн уруулардын негизги өндүрүш каражаты ж-а феод. өндүрүш мамилелеринин негизи жеке менчик мал ж-а жайыт болгон. Каган мамлекетте башкы жер ээлоочү болгон, калган феодалдарга өзүнчө жерлер менчиктелип берилген. Феодал жайыттарды каалагандай пайдаланган. Мал көчмөндөрдүн жеке менчиги болуу м-н укумдан-тукумга мурас катары өткөн. 6—8-к-да Чүй, Талас өрөөндөрүндө ж-а азыркы Кырг-ндын түштүгүндө отурукташкан дыйканчылык мад-ты бир кыйла деңгээлге жеткен. Шаарлар ж-а кыштактар дыйканчылыктын, сооданын ж-а кол өнөрчүлүктүн борборуна айланган. Калктын 32 тамгадан турган жазуусу болгон. 7-к-дын башында каганат бөтөнчө гүлдөп-өнүккөн. Ага Согда ж-а Чыг. Түркстан баш ийген. Санджибу каганы (626) уйгурлардын аймактарын ж-а азыркы Афг-ндын терр-ясын каратып алган. Санджибудан кийин каганатта үзгүлтүксүз феод. согуштар жүрүп, төболдөр жыл сайын алмашып турган. 704-ж. түргөштөрдүн жетекчилеринин бири Б. Т. к-нын акыркы каганын өлтүрүп, ушундан тартып ал терр-я *Түргөш каганатынын* карамагында болуп калат.

Ад.: Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1973.

БАТЫШ ЧОҢ ЧҮЙ КАНАЛЫ — Кыргыз ССРиндеги эң ири ирригациялык ж-а энергет. канал. ВКП(б) БКнын ж-а СССР ЭКСтин токтому (1940) б-ча курула баштаган. Канал Чүй өрөөнүн чыгыштан батышка карай кесип өтөт. Анын 70 *км* жери 1943-ж. бүтүп, 10 миң *га* жерди өздөштүрүүгө мүмкүндүк түзгөн. Улуу Ата Мек. согуш убагында курулуш иши токтотулган, 1946-ж. кайрадан башталып, 1958-ж. бардык тармагы пайдаланууга берилген. Каналдын уз. 147 *км*, туурасы 10—20 *м*, тереңд. 5—6 *м*. Баш жагы 56 *м*^{3}*/сек* суу өткөрөт. 1954-ж. Чүй суусунун нугунда плотинага тиштеп автоматташтырылган башкы гидротех. курулуш салынган. Кызыл-Суу каналдын экинчи суу булагы катары пайдаланылат. Канал респ-канын Чүй, Аламүдүн, Кант, Сокулук, Москва, Калинин р-ндорун, Казак ССР Мерке р-нунун 78 миң *га* жерин суу м-н камсыз кылат. Каналда кубаттуулугу 29 миң *квт* 7 гидроэлектр станция курулган. Анда 226 гидротех. курулуш, 196 суу өлчөгүч пост бар.

БАТЫШ ШАМАЛ АГЫМЫ — Түн. жарым шардын 40° ж-а 50° кеңдиктеринин ортосунда батыштан чыгышка багытталган суу агымы. Бул р-н догу агым көбүнчө батышка карай жүрүүчү шамалдын таасири астында пайда болуп, Тынч, Атлантика ж-а Инди океандары м-н Жер шарын айланып чыгат. Б. ш. а-нан Бенгал, Бат. Австралия ж-а Перу муздак агымдары бөлүнүп чыгат. Агымдын ылдамд. 1—2 *км/с*. Суунун темп-расы агымдын түн. бөлүгүндө 12—15°С, түштүгүндө 1—2°С, тузд. 35,0‰ ден 33,9—34,0‰ ге чейин.

БАТЫШЧЫЛДАР — 19-к-дын 40-жылдарында түзүлгөн орустун коомдук ой-пикириндеги бир багыттын өкүлдөрү. Алар феод.-крепостной мамилелерди жоюп, Россиянын «батыштык», б. а. капит. жол м-н өнүгүшүн жактап чыгышкан. Б-дын Москвадагы кружогуна 40-жылдардын орто ченинде А. И. Герцен, Т. Н. Грановский, Н. П. Огарев, В. П. Боткин, К. Д. Кавелин ж. б. катышкан. Б-дын көпчүлүгү дворян-помещиктерден чыккан. Бул кружок м-н Белинский тыгыз байланышта болгон. И. Тургенев, П. Анненков, И. Панаев ж. б. Б-га кошулган. Б. самодержавиелик-крепостной түзүлүштү сынга алып, падышачылыкты «официалдуу элдик» өкмөт деп үгүттөгөн теорияга каршы чыккан. Кийинчерээк Б-дын эстет., филос., социалдык-саясий маселелер б-ча талаш-тартыштары кружоктун чегинен чыгып, 40-жылдардын аягында 2 тенденциянын пайда болушуна алып келди. Орустун улуу революционер-демократтары Белинский, Герцен, Огарев матер. багытта болуп, дыйкандардын соц. коомун курууну үгүттөшкөн. Ал эми Кавелин, Боткин ж. б. дин м-н идеализмди, бурж.-помещиктик либерализмди жакташкан. Азыркы кездеги Бат. өлкөлөрүнүн тарыхчылары (К. Кон, С. П. Томкинс, А. Шелтинг ж. б.) «Б.» терминин маанисин тескери түшүндүрүү м-н аны Россиянын тарыхын бурмалап көрсөтүү максатында пайдаланып жатышат.

БАУЛ — Ош обл-нын Лейлек р-нундагы Катраң сельсоветине караштуу кыштак. Кашка-Суу өзөнүнүн боюнда. «Кулунду» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Исфанадан 80 *км* чыг. тарапта, Пролетарск т. ж. станциясынан 125 *км*. Калкы 430 (1971). Сегиз жылдык мектеп, китепкана бар.

БАУМАН Карл Янович (29. 8. 1892, Вильненский волосту, Латвия,—1937) — сов. партиялык ишмер. 1907-жылдан Компартиянын мүчөсү. Киевдеги коммерция ин-тун бүтүргөн. 1917-ж. Псков, Киев, Саратовдо парт. иштерде жүргөн. Киевде Окт. рев-ясынын катышуучусу (Киев). 1920-жылдын декабрынан РКП(б) Курск губкомуна секретарь, 1923-ж. РКП(б) БКнын аппаратында иштеген. 1928-ж. ВКП(б) БКнын Уюштуруу бюросуна мүчө ж-а Секретариатынын мүчөлүгүнө кандидат, партиянын БКсынын айыл-кыштак м-н иштөө б-ча бөлүм башчысы, ВКП(б)нин Москва Комитетинин экинчи секретары. 1929—30-ж. ВКП(б) БКнын секретары ж-а Москва комитетинин биринчи секретары. 1930-ж. ВКП(б) БКнын секретары ж-а ВКП(б) БКнын Уюштуруу бюросуна мүчө. 1931—34-ж. ВКП(б) БКнын О. Азия Бюросуна биринчи секретарь болуп иштеп, О. Азияда парт. уюмдарды идеялык ж-а уюштуруу жагынан чыңдоого, О. Азия респ-каларынын экономикасы м-н мад-тын өнүктүрүүгө зор салым кошкон. 1934-ж. ВКП(б) БКнын бөлүм башчысы. Партиянын 14—17-съезддеринде ВКП(б) БКга, СССР БАКка мүчө болуп шайланган.

БАУМАН Николай Эрнестович [17 (29). 5. 1873, Казан,— 8 (31). 10. 1905, Москва] — адис революционер, большевиктер партиясынын ишмери. Кол өнөрчү үй-бүлөдөн. 1895-ж. Казан вет. ин-тун бүтүргөн. 1896—97-ж. Петербург «Жумушчу табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш союзунун» активдүү мүчөсү. 1897-ж. камалып, 1899-ж. Вятка губ-на айдалат, андан Швейцарияга качат. Ал *«Искраны»* уюштурууда (1900) В. И. Ленинге активдүү жардамчы ж-а «Искранын» жашырын агенти болгон. Партиянын 2-съездинин (1903) делегаты. 1903-ж. Москва парт. уюмун ж-а РСДРП БКнын Түндүк бюросун башкарат. 1904-жылдын июнунан 1905-жылдын октябрына чейин камакта. Түрмөдөн чыккандан кийин рев-ялык ишке активдүү катышат. 1905-ж. 18-октябрда демонстрация мезгилинде черносотенчи тарабынан жырткычтык м-н өлтүрүлгөн. Аны көмүү 300 миң адам катышкан зор саясий демонстрацияга айланган. Москвадагы район, көчө, аянт, жог. тех. окуу жайына Б-дын ысымы берилген.

«БАУХАУЗ» — Германиядагы архит. курулуш, көркөм чыг-лык жог. окуу жайы ж-а анын бирикмеси. 1919-ж. архит. чыг-лыктын педагогу ж-а теоретиги В. Гропиус тарабынан архитекторлорду, сүрөтчү-конструкторлорду жаңы метод м-н тарбиялоо максатында уюштурулган. «Б.» 1933-жылга чейин иштеп, фашисттер бийликке келгенде жоюлган. «Б-да» белгилүү функционалист архитекторлор В. Гропиус, Х. Мейер, Л. Мис ван дер Роэ лер шакирттери м-н эксперимент жасашып, аларга өз өнөрлөрүн үйрөтүшкөн.



Н. Э. Бауман.



И. С. Бах.

БАУЭР Отто (1882—1938) — австралиялык с.-д. лидерлеринин бири, австромарксизмдин идеологу. Бурж. үйбүлөдө туулган. Билими б-ча юрист, 2-Интернационалдын көрүнүктүү ишмери. К. Реннер м-н бирге *маданий-улуттук автономия* теориясын сунуш кылган. Орус аскерлерине 1-дүйнөлүк согушта туткунга түшүп, Россиядагы Февр. рев-ясынан кийин Петрограддагы меньшевиктер м-н жакындашкан. Австрия респ-касынын тышкы иштер министри (1918—19). Австрия м-н Германиянын биригүүсүн жактаган. Өзүнүн эмгектеринде Россиядагы пролет. рев-яга ж-а большевиктер партиясынын саясатына каршы болгон. Негизинен оппортунистчил, центристчил позицияда турса да, СССРде социализмдин ийгиликтеринен, башка өлкөлөрдө фашизмге каршы, антимпер. күрөштүн күчөшүнөн улам өмүрүнүн акырында өзүнүн көз бир реформачыл көз караштарын кайра талдоо жолуна түшкөн.

БАФФИН ДЕҢИЗИ — Түп. Муз океанынын жартылай туюк деңизи; Гренландия м-н Канада, Арктика архипелагынын ортосунда. Деңизди Дейвис кысыгы Атлантика океаны м-н, ал эми түндүгүндө бир нече кысык Түп. Муз. океаны м-н туташтырып турат. Аянты 689 *км*², орт. терең. 861 *м*, эң терең жери 2136 *м*. Суусунун орт. көлөмү 593 миң *км*³. Туз. 30,0—32,0‰. Кышында тоңот. Б. д-нин чыг. бөлүгүндө көп сандаган айсбергдер пайда болуп, Атлантика океанына таралат. Деңиз балыктарга (белуха, треска, сельд ж. б.) бай. Авг. ж-а сент. айларында гана кеме жүрөт. Деңиз англ. саякатчы У. Баффиндин ысымынан аталган.

БАФФИН ЖЕРИ — Канаданын Арктика архипелагындагы эң ири арал; Канаданын бир бөлүгү. Аянты 478 миң *км*². Негизинен кембрийге чейинки кристаллдуу тоо тектерден, көбүнчө гнейс ж-а кристаллдуу сланецтен түзүлгөн. Чыг. бөлүгү тоолуу (бийикт. 2591 *м*), жээктери фьорддуу. Бат. жагы жапыз ж-а жазы деңсоолуу түздүк (бийикт. 150—200 *м*), мында саз м-н ири көлдөр көп. Климаты арктикалык-нымдуу, кар көп жаап, тоолору моңгулуу (аянты 83 миң *км*²). Мохтуу эңилчек, тундра бадалдары өсөт. Айбанаттары: деминг, арктика коёну, ак түлкү ж. б. Калкы 3 миңге жакын. Англ. саякатчы У. Баффиндин ысымы м-н аталган.

БАХ Иоганн Себастьян (1685, Эйзанах,— 1750, Лейпциг) — немец композитору, органист. Музыканттын үйбүлөсүндө туулган, Ордруфта (1965—1700), Люнебургда (1700—03) окуган. Ал тирүүсүндө органист катары атак алып, композиторлук жагы анчалык таанылган эмес. Анын музыкасынын кадыры кийин гана билинди. Б. операдан башка жанрлардын баарында иштеп, 1000ден ашык ар түрдүү муз. чыгарма жаратkан. Орган, клавир, оркестр үчүн жазылган сюиталары, сонаталары, концерттери, фугалары бар. Белгилүү чыг-лары: «Матфейди эңсөө», «Си-минор Мессасы», «Магнификат», «Рождество ораториясы», «Пасха ораториясы» ж. б. Диний мазмунда болсо да, Б-тын музыкасына полифония м-н гармониялык ойлоонун көркөм айкалышы, көркөм сүрөттөөнүн дааналыгы, филос. терендик мүнөздүү. Лейпцигде 1950-жылдан бери ар 4 жылда Бах атн. эл аралык конкурс өткөрүлөт.

Ад.: Хубов Г., Себастьян Бах, 4 изд., М., 1963.

БАХМАН Курт (22. 6. 1909-ж. т.) — немец жумушчу кыймылынын ишмери. 1932-жылдан Германия компартиясынын мүчөсү (1938). Францияга барып Каршылык көрсөтүү кыймылына катышкан. 1942-ж. камакка алынып, 1945-жылга чейин фаш. концлагерде болгон. 1945-ж. «Нацизм убагында куугунтукка алынган адамдардын бирикмесин» уюштурууга катышып, анын президиум мүчөсү ж-а Каршылык көрсөтүү кыймылына катышуучулардын эл аралык федерациясына мүчө болгон. 1950-жылдан Германия компартиясынын башкармасынын секретариатында иштеп, партияга тыюу салынгандан кийин (1956), «Тат» журналынын Боюндогу кабарчысы болгон. Германиянын коммунисттик партиясын (ГКП) түзүүнүн демилгечиси. 1969-жылдан ГКПнин пред-ли, 1973-жылдан ардактуу пред-ли.

БАХРЕЙН, Бахрейн аралдары — Азиядагы Персия булуңунун түштүк бат. бөлүгүндөгү 20га жакын аралды бириктирген княздык (шейхтик). Аянты 598 *км*². Калкы 216,2 миң (1971), көпчүлүгү — арабдар. Мусулман дининде, мамл. тили — араб тили. Калкынын 74% шаарда турат. Борбору — Манама. Ири аралдары: Бахрейн (уз. 60 *км*, туурасы 18 *км*), Мухаррак, Умм-Наасан, Ситра ж. б. Жери түзөң (бийикт. 135 *м* ге чейин) келип, аки таш тоо тектеринен турат. Климаты тропиктик ж-а субтропиктик. Январдын орт. темп-расы 16°С, июль — августта 37°С, жаан-чачындын жылдык саны 90 *мм* ге жакын. Б.— экономикасы начар өнүккөн, чет өлкөлүк капиталга көз каранды өлкө.

Тарыхый справка. Б. з. башындагы Б.— араб княздыгы; 4—6-к-дарда *Сасанилер* мамлекетине, кийин Араб *халифатына* кирген. 9-к-да карматтар басып алган. 13-к-да көз каранды эместикке жетишкен, бирок көп узабай эле Ормуз эмиратына коштулган. 16-к-дын башында Б-ди португалиялыктар басып алса, 17-к-да Ирандын кол астына өткөн. 1784-ж. көз каранды эмес болуп жарыяланган. 1820-ж. англичандар Б-ди ит жүзүндө колонияга айландырган. 1-дүйн. согуш кезинде Б-де Британиянын ири аскер базасы түзүлгөн. 2-дүйн. согуш мезгилинде (1939—45) Б-де Англиянын башталган улуттук-бошт. кыймылы 2-дүйн. согуштан кийин күчөй баштаган. 1956-жылдан тартып бул кыймылга Улуттук-боштондукка чыгуу фронту жетекчилик кылган. 1968-жылдан бери бир кыйла өлкөлөр м-н катар Персия булуңундагы Араб княздыктарынын федерациясына кире тургандыгы жарыяланган. ООНдун атайын жиберилген миссиясына (1970) Б-дин калкы көз каранды эместикти каалагандыгын билдирди. Коопсуздук Совети 1970-ж. 11-майда миссиянын докладын кубаттап, Б. өз алдынча көз каранды эмес мамлекет болуп калды.

Негизги байлыгы — нефть. Өлкөдөгү бардык нефть кендери амер. «Бахрейн петролеум компаниясына» (БАПКО) колунда. Алынган нефть (3,5 млн. *т*, 1972) ж-а Сауд Аравиясынан нефтинин бир бөлүгү суу астындагы түтүк аркылуу келип, аныш чыг. бөлүгүндөгү Бахрейн з-дунда (жылына 11 млн. *т* нефть чыгарат) кайра иштетилет. Бахрейн, Мухаррак, Ситра а-дарында дан эгиндери, финик пальмасы, батат, помидор, баклажан ж. б. эгилет. Балык уулоо ж-а бермет промысели м-н кесипчилик кылат. Автомоб. жолдорунун уз. 200 *км* ге жакын. Башкы порттору: Манама, Ситра, Сульман. Б-де 1919-жылга чейин жалпы билим берүүчү мектеп болгон эмес. Сабаттуу адамдардын саны кийин чет өлкөлүк компаниялардын нефть кендерин иштетүүсүнө, б. а. кат тааныган жумушчуларды даярдоонун зарылдыгына байланыштуу көбөйдү. Бирок калктын көбү али сабатсыз. Өлкөдө бир дагы жогорку окуу жайы жок.

Ад.: Бодянский В. Л., Бахрейн, М., 1962; Бодянский В. Л. и Лазарев М. С., Южная и восточная Аравия, в кн.: Новейшая история арабских стран, М., 1968; Бодянский В., Герасимов О., Медведко Л., Княжества Персидского залива, М., 1970.

БАХРУШИН Сергей Владимирович (1882—1950) — сов. тарыхчы, СССР ИАга мүчө-корр. (1939), РСФСР пед. ИАнын анык мүчөсү (1945), Москва ун-тин бүтүргөн (1904). Ошол ун-тте приват-доценти (1909), проф. (1927). 1937-жылдан СССР ИАнын Тарых институнда иштеген. 16—17-к. Россиянын экон. тарыхын, тап күрөшүн, чет жакаларынын тарыхын, ички саясатын изилдеген. «Москванын тарыхы» (1—2-т., 1952, 1953), «Дипломатиянын тарыхы» (1941; бул эмгеги СССРдин

Мамл. сыйлыгына татыктуу болгон, 1942) деген көп томдуу китептердин редактору ж-а авторлорунун бири. О. Азия м-н Закавказьенин, Сибирдин, Ы. Чыгыштын элдеринин тарыхы 6-ча бир нече эмгек жазган. Алардын ичинде «17-кылымдагы Енисей кыргыздары» деген китеби бар. Жог. окуу жайлары үчүн окуу китептеринин автору.

БАХЧИСАРАЙ ТЫНЧТЫК ДОГОВОРУ (1681) — 17-к-дын 70-ж-дары Орус мамлекети м-н Турция ж-а Крым хандыгынын ортосунда 20 жылга түзүлгөн убактылуу тынчтык договору. 1680-ж. 26-августта Польшадагы резидент В. М. Тяпкин, дьяк Н. М. Зотов, украиналык катчы С. Ракович Крымга элчи болуп жиберилип, 1681-ж. 13-январда Бахчисарайда договор түзүлгөн. Анын шарты: Россия м-н Турциянын чек арасы Днепр б-ча өткөн; Киев, Васильков, Триполье ш-лары, Дедовщина ж-а Радомышль жерлери Россияга калган. Сол жээк Украина м-н Киевдин Россияга кошулушун ж-а запорожьелик казактардын Россия букарасы болушуна Турция макул болгон. Буг м-н Днепр ортосунда бейтарап зона түзүлгөн. Крым татарлары Днепр ж. б. өзөндөрүнүн жээктериндеги талааларда көчүп жүрүү ж-а аңчылык кылуу үчүн укук алышкан; казактар ж. б. орус калкы Днепрде ж-а анын куймаларында балык кармоого, туз алууга, аңчылыкка ж-а Днепрден Кара деңизге чейин эркин сүзүүгө укук алышкан.

БАЦИЛЛАЛАР (лат. bacillum — таякча) — оорчүү учурунда спора пайда кылуучу таякча түрүндөгү бактериялар. Кургакчылыкка, жог. темп-рага ж-а хим. заттардын таасирине туруктуу. Көпчүлүк Б.— сапрофиттер, айрымдары оору козгогучтар. Б. жаратылышта кеңири таралган, алар орг. заттарды минералдаштыруу процессине катышат.

БАЦИЛЛАНЫ АЛЫП ЖҮРҮҮЧҮЛҮК — оорунун белгилери билинбей, организмде сакталган кээ бир жугуштуу оорулардын козгогучтарынын айлана-чөйрөгө бөлүнүп чыгышы. Көпчүлүк жугуштуу оорулардын козгогучтарын адам организминде алып жүрөт, бирок өзү оорубайт. Б. а. ж. түрдүү жугуштуу ооруларда түрдүүчө болот. Мис., ич келтеде 8—15 күндөн бир нече жылга созулат. Б. а. ж. тамак-аш ж-а балдар мекемелерине өтө коркунучтуу. Аларды өзгөчө эпидемиялык көзөмөлгө алып, өз убагында дарылоо керек.

БАЧАПЫ — жибек кездеменин бир түрү. Ал Окт. рев-ясына чейин Ташкен, Анжиян, Фергана, Ош ж. б. кол өнөрчүлүгү өнүккөн шаарларда токулган. Бул кездемеден кыргыздар жууркан, алтыгат капташын, туш кийизге ортолук жасашкан. Б-дан кыз-келиндер көйнөк, күрмө, улгайган аялдар, балдар чапан кийишкен.

БАШ — жандуулардын түлкү боюнан обочолонгон денеинин алдыңкы жог. бөлүгү. Анда борб. нерв системасы, сезүү органдары, тамак сиңирүү ж-а дем алуу системаларынын алдыңкы бөлүктөрү жайгашкан. Б-тын обочолонушу м-н кыймылы ар бир класс өкүлдөрүндө түрдүүчө: балыктарда ж-а жерде-сууда жашоочуларда—кыймылсыз, ал эми сүт эмүүчүлөрдө, канаттууларда, боору м-н сөйлоп жүрүүчүлөрдө моюн бөлүгү омурткалуу болгондуктан, кыймылдуу келип, туш тарабын карооло (киттен башкасы) жарамдуу. Адамдын Б. башка жандыктардыкынан өзгөчө өөрчүгөн; оой жүгүртүүгө өйкемдүү мээси бар.

БАШ БУТТУУ МОЛЛЮСКАЛАР (Cephalopoda) — моллюскалар тибиндеги омурткасыз жаныбарлар классы. Уз. 1 *см*—18 *м*, денеси симметриялуу 2 жактуу, айрым жыныстуу, башында 8 же 10 булчуңдуу тинтүүрлөрү бар. Алар башка моллюскалар сыяктуу эле, баш буттуулар классына биригет. Денеси жон жагынан мантия м-н капталып, курсагынын бош калган жери мантия көңдөйүн түзөт. Ал башынын жанындагы жылчык аркылуу тышкы чөйрө м-н байланышат. Мантия көңдөйүнүн кире беришинде сыртка чыгып турган булчуңдуу орган — воронка орун алган. Көңдөйгө кирген суу күчтүү булчуңдардын жыйрылуусунан воронка аркылуу сыртка түртүлүп чыкканда, ал арты м-н жылат. Б. б. м-дын 600гө жакын түрү жер шарынын бардык деңиздеринде жашайт. Алардын калдыктары палеозой ж-а мезозой мезгилиндеги пайда болгон тоо тектердин жашын аныктоодо кереги тиет.

БАШ КЕЛТЕ — катуу кармаган, кээде (согуш убагында, ачарчылыкта ж. б.) эпидемиялык мүнөздөгү жугуштуу оору. Б. к-нин козгогучун амер. илимпоз Х. Риккетс (1910) ж-а чех илимпозу С. Провацек (1913) ташкандыктан, Провацек риккетсиясы деп аталган. Адамда Б. к-нин табигый иммунитети жок. Аны оорулуу адамдан соо адамга бит жугузат. Оорулуу адамдын капын соргон бит 5—7 күндөн кийин жугуштуу болуп калат. Ушул мезгилде биттин ичегисинде көбөйгөн риккетсиялар анын заңы м-н адамдын денесине ж-а ич кийимдерине чыгат. Киши тырманганда териге сүртүлгөн микробдор кан ж-а ткандарга өтөт. Б. к-нин козгогучу организмге киргенден 10—14 күндөн (инкубациялык мезгил) кийин оору кыпсынан катуу кармайт. Денеинин темп-расы 38—40°ка көтөрүлөт, башы ооруп, бети шишимик тартат. Тамыр бат-бат кагып, кандын басымы төмөндөйт. Деми кысылып, көк боор чоңоёт. Оору башталгандан 4—5 күндөн кийин териде кызамыкка окшогон кызыл тактар, адегенде көкүрөктө, андан кийин бүт денеде пайда болот. Кызыл тактар пайда болгондо, оорулуу эсинен танып, жөөлүйт, баш оорусу күч алат. Денеинин ысышы 12—15 күнгө созулат. Б. к. кабылдан кетсе, жүрөк кан тамыр системасынын начарлашына ж-а өпкөнүн сезгенишине алып келет. Оорулуу сакал баштаганда, темп-ра 2—3 күндүн ичинде акырындык м-н төмөндөйт. Дарылоодо антибиотиктер колдонулат. Б. к-нин алдын алуу үчүн биткө каршы чараларды колдонуп, оорулуу м-н бирге болгон адамдардын эсебин алып, 25 күнгө чейин текшерип туруу керек. Б. к-ге каршы вакцина м-н арасынан 7—10 күн өткөрүп, 3 жолу эмдөө жүргүзүлөт.

БАШ КИЙИМ — башка кийүүчү кийимдин жалпы наамы. Калк мекен-



1 — түлкү тебетей; 2 — калпак; 3 — үкүлүү күндуз тебетей; 4 — үкүлүү топу.

деген жерлердин аба ырайына, элдердин салтына, жаш өзгочолуктөрүнө, жыныстык ж-а социалдык жиктерине жараша Б. к. сырткы түрү, жерджи ж. б. жагынан айырмаланат, о. эле анын жасалыш жагдайлары өндүрүштүн өнүгүү баскычтарына ж-а коомдун маданий деңгээлине да байланышат. Кыргыздын кылымдардан берки Б. к., бир катар көчмөн элдердикиндей эле, *тебетей*, тумак, *малакай, топу, калпак, элечек, шөкүлө, жоолук* болгон. Булар айбанаттардын терисинен, кийизден, кездемеден жыл мезгилдеринин жылуу же суук убактарында кийип жүрүүгө ылайыкталып жасалган. Б. к-дин жердигинин санаты, өңү ж-а сырткы түрү кишинин жынысына, жашына, о. эле социалдык абалына жараша болгон. Мис., малакайдын кыры саңсаң көрпөдөн же түлкү теринин боорунан жасалган; төбөсүнүн ичи-тышы арзан кездемеден 2—3 талаа болуп бычылып, жүн же кебез салынып кабылган. Бул балдар м-н улгайып калгандар кийүүгө же жумуш убагында башка сала коюуга ыңгайлуу болгон. Жоолук үй тиричилигинде аялдар салынып жүрүүгө ыңгайлуу ж-а аны жасап алуу кымбат эмес. Ошондуктан мурунку замандарда элечек, шөкүлө кийүү колунан келбеген жарды үй-бүлөдөгү аялдар ургундата жоолук салынган. Азыркы кыртыз эли интер. Б. к. м-н катар өзүнүн улуттук Б. к-мин да кийет.

БАШ МАКАЛА — мезгилдүү басма сөздүн (газета, журналдын) биринчи бетине берилүүчү директивалык; жетекчи макаласы. Б. м. тигил же бул маселе б-ча редакциянын көз карашын баяндаган ред. макала катары газета-журналдын негизги багытын белгилеп турат. Партиялык сов. басма сөздө Б. м. чоң мааниге ээ, ал — коммунисттик партиянын саясатын пропагандалоонун, сынды, өзүн өзү сыноонун жайылтуунун, рев-ячыл кыраакылыкты өстүрүүнүн ж-а элди чыгармачылыкка тарбиялоонун негизги куралынын бири.

БАШ ООРУ — түрдүү оорулардын көп жолугуучу белгилеринин бири. Мээнин же анын кабыкчасынын, кан тамырларынын, нерв учтарынын (рецептордун) оорусунан пайда болот. Б. о-нүн пайда болушу түрдүү факторлорго байланыштуу, ошон үчүн анын белгилери да ар түрдүү. Баш ооруганда кусуу, баштын айланышы ж-а көздүн көрүүсүнүн бузулушу ыктымал. Баштын сырткы бетинин бир гана жери ооруса, анда ал демейде ооруган органдарга (көз, кулак, тиш ж. б.) тийиштүү. Шакыйда, баш сөөгүнөн же омурткадан чыккан нерв-дин, невралгиясында баштын жарымы ооруйт. Б. о. мээнин орг. оорусунда (шишик, *абсцесс, атеросклероз* ж. б. себептүүлөрдө), мээге сары суу толгондо, *гипертония*, гипотония ж-а ички органдардын оорусунда же ууланганда байкалат. О. эле эт ысыганда, нерв системасынын иштеши бузулганда да баш ооруйт. Дарылоо негизги ооруга жараша жүргүзүлөт: кантамырларын кеңейтүүчү жө тарытуучу, мээнин кан тамырынын басымын азайтуучу ж. б. ооруну басылтуучу дарылар берилет.

БАШ СӨӨК (cranium) — кишинин ж-а омурткалуу жаныбарлардын баш скелети. Б. с. 2 бөлүктөн турат: негизги (мээнин же нервдүү) ж-а висцералдык (бет жак). Негизги Б. с. тулку бойдун скелетинин уландысы болуп, мээни ж-а мээдеги жыт сезүү, көрүү, угуу органдарын тышкы урунуудан сактайт. Бакалоору м-н дем алууну жаныбарларда висцералдык Б. с. дем алуу функциясын, анын алдыңкы догосу тамакты тиштөө милдетин аткарат. Жаныбарлардын негизги Б. с-гү омурткалардын жог. догосунун кошулган жерине түш келүүчү, хорданын алдыңкы учунун узундугу м-н кеткен муунактардын калдыгы бар кемирчек пластинкалардан (парахордалиялардан) пайда болот. Висцералдык Б. с. жаныбарларда ичеги каналынын жутуу бөлүгүндө, бакалоор тосмосунда скелет (висцералдык дого) түрүндө жаралат. Кишинин Б. с. 8 жуп (төбө, чыкый, үстүңкү жаак, мурундун төмөнкү калыльжаары, таңдай, чыкчыт, жак, мурун) ж-а 7 жалкы (маңдай, желке, шынаага окшош же негизги, калбыр сымал, кончок, алдыңкы жаак, тил алдындагы сөөк) сөөктөн турат.



Адамдын баш сөөгү. *I* — маңдайынан көрүнүшү; *II* — каптал жагынан көрүнүшү; *1* — маңдай сөөк; *2* — төбө сөөк; *3* — негизги сөөктүн чоң канаты; *4* — жак сөөгү; *5* — чыкчыт сөөгү; *6* — үстүңкү жаак; *7* — астыңкы жаак; *8* — кеңилжээр; *9* — төмөнкү мурун коңулу; *10* — жана *12* — калбыр сымтуу сөөк; *11* — мурун сөөгү; *13* — чыкый сөөгү; *14* — желке сөөк.

Адамдын Б. с-гү 2 бөлүктөн турат: мээ жак (өйдөкү, ортоңку) ж-а бет сөөктөрү (ылдыйкы, алдыңкы). Мээ жак көңдөйдүн үстү — Б. с-түн төбөсүн, асты негизин түзөт. Төбө ортосунда кемик заты бар, ички ж-а сырткы пластинкадан турган жалпак (маңдай, төбө, желке ж-а эки шынаа сымал сөөктөрдүн кабырчыктары) сөөктөрдөн турат. Б. с-түн негизин желке, шынаа сымал, маңдай ж-а 2 чыкый сөөгү түзөт. Желке сөөгү Б. с-түн негизин ж-а төбөсүн түзүү м-н аны артынан ж-а ылдый жагынан чектеп, өзүнүн домпок урунчугу аркылуу 1-моюн омуртка м-н муундаштырып турат. Чыкый сөөктөрү мээ жак Б. с-түн каптал тарабын ж-а негизин түзөт. Анын көңдөйүндө үгүу жө-а тең салмак органдары жайгашкан. Мээ жак Б. с-түн негизинин ички бети (к. сүрөт) 3 жуп ойдундай турат. Алдыңкы Б. с. ойдунун маңсыяктуу сөөктүн горизонталь пластинкасы түзөт. Ага мээнин маңдайду шынаа сымал сөөктүн чоң канаттары м-н чыкый сөөгүнүн пирамидасынын алдыңкы бети түзүп, анда мээ болүгү орун алган. Арткы ойдунда кичине мээ жайгашып, аны чыкый сөөктөрүнүн пирамидасынын арткы бети ж-а желке сөөгүнүн кабырчыгы түзөт. Мээ жак Б. с-түн негизинин сыртқы бетинде (к. сүрөт) көп урчуктар ж-а тешикчелер бар. Борб. болүгүн кулкун бекүүчү желке сөөгүнүн негизги бөлүгүнүн астыңкы бети түзөт. Ал чыкый сөөгүнүн пирамидасынын ташту бөлүкчөсү м-н чектелет. Бул бетке кан тамыр ж-а нерв өтүүчү тешиктердин эң чоңу — Б. с-түн моюнтурук тешикчеси кирет. Бет Б. с-түн каптал бетинде тышкы угуу жолу, анын артында бет нерви өтүүчү чыкый сөөгүнүн шибеге-уючу сымал тешиги орун алган. Бет Б. с-нүн алдыңкы каптал бөлүгү чыкый сөөгүнүн урчугу м-н биригип, чыкчыт догосун түзүүчү чыкчыт сөөгүнөн турат (к. сүрөт). Астыңкы жаактын сөөгү 2 урчукчасы аркылуу чыкый сөөгү м-н байланышып, тамак жегенге ж-а сүйлөөгө катышат.

БАШ СҮЙЛӨМ — багынычтуу татаал сүйлөмдүн составындагы өзүнчө ажыратып жиберсе, маанисин толук сактап кала турган ж-а айтылуучу ойдун негизин билдирген сүйлөм. Мис., *Биз а-бу дегенче болбой, капты жонуна силкий көтөрүп, эңкейген Даниар кампаны көздөй басты* (Ч. Айтматов).

БАШ ТАҢМАЙ — жаштардын, асыресе кыз-келиндердин оюн-зоогу. Илгери ата-энелери бир жакка кеткенде, жаштар үйлөрүндөгү катылуу тамак-аштан алып чыгышып, бир үйгө жыйналып, кичинекей отуруш жасашып, көңүл ачышкан.

БАШ ЧЕКТӨӨ ЧАРАСЫ — тергөө же сот органдары тарабынан айыпкерге, соттолуучуга колдонулуучу мажбурлоо чарасы. Б. ч. ч. кылмыш жоопкерчилигине тартыла турган адам тергөө ж-а сот органдарынын тергөөлөрүнөн же сот өкүмүн аткаруудан качып кетпес үчүн же иштин акыйкатына жетүүгө тоскоолдук келтирбес үчүн, о. эле кылмыш жасоону улантпоо же кайталантпоо максатында колдонулат. Б. ч. ч. төмөндегүлөр: турган жеринен кетпөө тил каты, жекече же коомдук уюмдардын кепилдигине берүү, үйдө камоо, мүлкүн кармоо, залог (салым) калтыруу, камакка алуу. Кылмыштуу кишиге Б. ч. ч-н белгилөөдө аның кылмышынын оордугу, тергөөдөн, соттон качып

кетүүгө шектүүлүгү, кылмыштын бетин ачууга тоскоол кылуучу жагдайлары, саламаттыгы ж. б. абалы эске алынат.

БАШ-БУЛАК — Ош обл-ның Кара-Суу р-нундагы Катта-Талдык сельсоветине караштуу кыштак. «Катта-Талдык» с-зунун аймагында. Ош ш-нан 14 *км* чыг. тарапта, р-ндун борбору Кара-Суудан 36 *км*. Калкы 433 (1973). Айылдык профтех. окуу жайы, орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БАШКА ИШКЕ КОТОРУУ — сов. эмгек укугу б-ча жумушчу, кызматчынын эмгек келишиминде көрсөтүлгөндөн башка ишке которулушу. Жумушчу, кызматчыларды убактылуу же дайыма иштөөгө которууга болот. Бир эле ишканада, мекемеде, уюмда квалификациясын, кызматын, эмгек акысын өлчөмүн, жеңилдикти, артыкчылыкты ж. б. эмгек шарттарын олуттуу өзгөртпөстөн эле жумушчу же кызматчыны башка ишке которуштуруу Б. и. к. болуп саналат. Жумушчу, кызматчыларды башка ишке дайыма иштөөгө которуу үчүн алардын макулдугу керек. Андай болбосо которуу законсуз деп эсептелип, мурунку ишине кайра коюлат. Жумушчу, кызматчыларды башка ишке дайыма иштөө үчүн которгондо, алардын мурунку иштеген кызматы сакталбастан, аны м-н түзүлгөн 1-эмгек келишиминин негизги шарттары таптакыр өзгөрөт, ишке убактылуу которгондо, иш оруну сакталып, мөөнөтү бүткөн соң, мурунку ишине кайра барат. Убактылуу которуу ошол эле мекеменин ичинде, ошол эле жерде болууга тийиш; бөлөк жерге, бөлөк мекемеге иштешке кызматкерди убактылуу которууга болбойт. Б. и. к-нун тартиби «Кыргыз ССРинин эмгек жөнүндөгү закондор Кодексинин» 27—30, 170—171-статьяларында ачык көрсөтүлгөн.

БАШ-КАЙЫҢДЫ — Нарын обл-ның Ат-Башы р-нундагы Ача-Кайыңды сельсоветине караштуу кыштак. СССРдин 50 жылдыгы атн. с-здун аймагында. Р-ндун борбору Ат-Башыдан 16 *км* чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 257 *км*. Калкы 2140 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БАШ-КАРА-СУУ — Аламүдүн р-нундагы Орто-Алыш сельсоветине караштуу кыштак. Аламүдүн с-зунун аймагында. Байтиктин Бас-Бөлтөгүнүн түш.-бат. этегинде жайгашкан. Р-ндун борбору Аламүдүндон 26 *км* түш.-бат. тарапта, Пишпек т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 601 (1974). Башталгыч мектеп, китепкана, медпункт бар.

БАШКАРГЫЧ СӨЗ — эсептегич машинанын иштешинин айрым этаптарын аныктоочу көддордун комбинациясы же сандар м-н айрым амалдарды жүргүзүүнү гана эмес, көп сандарга өтүүнү да аткаруучу көд. Команда эң жөнөкөй Б. с. болуп саналат. Б. с-дүн мындай системасы «Стерч» машинасы үчүн иштелип чыккан. Бул система машинанын бир адрестүү командаларынын структурасы м-н тыгыз байланышкан. Б. с. кадимки командаларга караганда алгоритмди бир кыйла үнөмдүү ж-а көрүнүктүү жазууга мүмкүндүк берет. Б. с-дүн жардамы м-н алгачкы ж-а орто аралык көп сандар жакшы жазылат.

БАШКАРУУ — материалдык объектини иретке келтирүү процесси. Б. *информация* м-н тыгыз байланыштуу. Эффективдүү башкаруу үчүн информ. процесстерди билүү керек. Б. ж-а информ. процесстерди өздөштүрүү, материалдык өндүрүш чөйрөсүндө эмгектин эффективдүүлүгүн жогорулатуу, эмгектин интеллектуалдыгы үчүн зарыл. Жаныбарлар дүйнөсүндө, техникада, экономикада Б. көп жактуу болгондугуна карабастан, алардын баарына таандык универсал мүнөздөгү анын жалпы бир схемасы болот. Ар кандай Б. процесси байланыш каналы м-н биригтирилген башкаруучу системада ж-а башкарылуучу же аткаруучу органдан турган уюштурулган система м-н байланышкан. Б. уюштурулган система м-н информацияны кабыл алуу, берүү ж-а кайра иштетүүнүн негизинде ишке ашырылат. Б-чу система түз байланыш аркылуу аткаруучу органдарга команда берип, кайра аткаруучу органдардан кабар берүүчү информацияны алат. Б-чу система мындан тышкары сырткы чөйрө ж-догу информацияны атайын сезгич же ченегич органдар аркылуу да алат. Биздин өлкөдө саясий, а. ч-лык, экон., илимий-тех. проблемаларды чечүү үчүн Б. маселесине олуттуу көңүл бурулуп жатат.

Техникада тех. системаларды Б. объектинин ар кандай даражада автоматташтырылган жөндөөчү органдарына таасир берүү м-н ишке ашырылат. Б-нун негизги түшүнүктөрүнүн бири — тескери байланыш. Тескери байланыш түшүнүгүн жалпылоо автоматтык Б. теориясында жыйналган динамикалык түюк системаларга тийиштүү методдорду экон. системалардын маанилүү эсептерин чыгаруу ж-а жандуу организмдердеги көп кубулуштарды түшүнүү үчүн колдонууга мүмкүндүк берет. Б. системаларын изилдөөдө башкаруучу элементтер бөлүнүп алынып, системанын калган бөлүктөрү башкарылуучу объект катары каралат. Мурда Б. теориясында эң жөнөкөй бир гана элементи м-н башкарылуучу объект каралып келген. Азыр татаал структуралуу башкарылуучу подсистемалардын татаал системаны Б. иерархиялык структура б-ча жүргүзүлөт. Б-нүн сапатын жогорулатууда матем. методдору чоң роль ойнойт.

БАШКАРУУ ИШТЕРИН АВТОМАТТАШТЫРУУ — эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында башкаруу маселелерин чечүүдө матем. методдорду, автоматтык түзүлүштөрдү ж-а эсептөө техникасынын каражаттарын колдонуу. Б. и. а. өндүрүштү пландоону, аны оперативдүү башкаруу м-н башкаруунун бардык органдарынын аракетин бири бирине тууралап жүргүзүүнү камсыз кылат. Анын ил. негизи — эл чарбасын башкаруунун өзгочолуктөрүн, башкаруунун оптималдуу системаларын синтездөө методдорун изилдөөчү ж-а экон. милдеттерди чечүүдө матем. методдорду колдонуу маселелерин үйрөнүүчү экон. кибернетика. Б. и. а-нун негизги проблемасы — эл чарбасын ж-а анын ар бир звеносун автоматташтырылган башкаруунун бирдиктүү системасында адам м-н киберн. машиналардын өз ара аракеттеринин методол. ж-а ачык-айкын маселелерин чечүү. Б. и. а-нун негизги тех. каражаттары — электрондук эсептегич ж-а электрондуу башкаруучу машиналар. *Цифралуу эсептегич машиналар* башкаруу иштерин кеңири автоматташтыруу үчүн Б. и. а-нун башка каражаттары м-н бирге колдонулат. Алар берилген чоңдуктарды иштетүүнүн борборлоштурулган системасын түзүү, пландоо, статистика, эмгек акыны эсептөө, запастын эсебин алуу, жабдуу ишинин графиктерин түзүү ж-а жумушчу күчүн пайдалануу б-ча маалыматтарды иштетүү үчүн пайдаланылат. *Аналогдуу эсептегич машиналар* негизинен атайылаштырылын жасалат да, технол. процесстерди оптималдуу түрдө жөндөө үчүн пайдаланылат. Процесстерди жалаң гана технол. жактан эмес, экон. жактан да оптималдуу жөндөө үчүн аналогдуу өзгөрткүчтөр электрондуу башкаруучу машиналар м-н бирге колдонулат. Булардан башка да ар түрдүү атайылаштырылган, мис., информацияларды белгилеп каттоочу, иштетүүчү, өзгөртүүчү, сактоочу издөөчү ж. б. байланыш каражаттары колдонулат. Б. и. а-ну уюштуруу жалпы мамл. масштабда пландаштыруунун ж-а башкаруунун азыркы ил. методдор м-н ишке ашырат. Көп сандаган абоненттер м-н түздөн түз байланыш каналдары аркылуу көшулган кубаттуу эсептөө борборлорун түзүү ишке ашырылууда.

БАШКАРУУ КНОПКАСЫ — электр магниттүү аппараттарды кол м-н аралыктан башкарууга арналып, контакттуу ж-а кыймылга келтирүүчү элементтерден турган электрдик башкаруучу аппарат. Б. к-нын контакт элементи ж-а кыймылга келтиргичи бир блокко орнотулган туташ блоктуу ж-а болок-болок орнотулган 2 блоктуу түрлөрү бар. Б. к. 660 *в* ко чейинки өзгөрмө ж-а 440 *в* ко чейинки туруктуу токтун тизмектеринде колдонулуп 2—16 контакттуу болот да, ал контакттар күмүштөн, жезден жасалат. Айлана чөйрөнүн таасирине карата Б. к. ачык, жабык

ж-а ным өткөрбөөчү болуп болүнөт. **БАШКАРУУ ПУЛЬТУ** — кабар берүүчү каражаттар ж-а энергет., өндүрүштүк, трансп., коммуналдык объектилерди башкаруучу органдар жайлаштырылган стол, стенд, колонка ж. б. түрүндөгү түзүлүштөр. Б. п. жергиликтүү, аралыктан башкарылуучу болуп болүнөт. Алар татаал агрегаттарда (прокаттоо стандарында), *автоматтык катарда*, завод-автоматтарда ж. б. объектилерде технол. процесстердин жүрүшүн же машиналардын (приборлордун) туура иштешин текшерүүдө колдонулат.

БАШКАРУУ ТАРТИБИНЕ КАРШЫ КЫЛМЫШТАР — СССРдин мамл. башкаруу органдарынын кызматкерлеринин адилет аракеттерине каршы коомго коркунучтуу аракеттер. Законду аткаруу, эмгек дисциплинасын сактоо, коомдук ишке адилеттүү мамиле кылуу, соц. коомдук тартиптин эрежелерин барктоо сыяктуу конституциялык негизги милдеттерди сов. граждандардын бузуулары Б. т. к. к-дын чыгышына ж-а ага карата уголов. жоопкерчиликтин болушуна шарт түзөт. Кылмыштын бул түрү Кыргыз ССР УКнын 9-главасында көрсөтүлгөн.

БАШКАРУУНУ ИЛИМИЙ УЮШТУРУУ — өндүрүштү механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу аркылуу иштин илимге негизден уюштуруп, аның эффективдүүлүгүн жогорулатуу. Өндүрүштү ил. уюштуруу жолдору В. И. Ленindин *«Совет бийлигинин кезектеги милдеттери»* атуу эмгегинде көрсөтүлгөн. Мында В. И. Ленин капитализм шартындагы илим м-н практиканын тыгыз мүнөзүнүн бетин ачып, соц. өндүрүштү жакшыртууда илимдин бардык жетишкендиктерин пайдаланууга чакырган. В. И. Ленindин бул теориялык жоболору соц. ишканадагы өндүрүштү ж-а эмгекти илимий негизде уюштурууга шарт түзүдү. Өндүрүштү Б. и. у-га төмөнкүлөр кирет: өндүрүштү башкарууда прогрессчил, экон. жактан ыңгайлуу формаларды, ыктарды изилдөө ж-а көрсөтүү; массалуу, сериялуу, жеке өндүрүштө үзгүлтүксүз, натыйжалуу иштөө ыктарын изилдөө; продукциянын сапатын жакшыртуу, жабдууну унификациялоо, аларды пайдалануу жөнгө салуу, стандартташтыруу деңгээлин жогорулатуу, өндүрүш процессиндеги экон. эффективдүүлүктү изилдөө; өндүрүштү адистештирүүдө, кооперативдештирүүдө ишканаңын, цехтин, бөлүмдүн өндүрүш структурасын жакшыртуунун рационалдуу формасын иликтөө; өндүрүштү пландоо, аның аткарылышын контролдоонун рационалдуу жолун табуу; илимдин жетишкендиктери м-н алдыңкы тажрыйбаны өндүрүшкө киргизүү; сырьёну, материалдык даяр продукцияны тапшыруу процессинин уюштурулушун жакшыртуу; ишканада продукция чыгаруунун бир калыпта уюштуруу; машинаны ж-а агрегатты пайдалануунун, сырьёну, энергияны ж. б. чыгымдоонун прогрессчил тех.-экон. нормаларын иштеп чыгуу; эсепти, контролдоону, диспетчер байланышын ж-а сигнализацияны механикалаштыруу ж-а автоматташтыруу. Ушул чараларды айкалыштырып ишке ашыруу аркылуу өндүрүштү башкарууну өркүндөтүү м-н соц. экономиканы кыйшаюусуз өнүктүрүүгө жетишилет, к. *Эмгекти илимий уюштуруу*.

БАШКАРУУНУН ПЕРАРХИЯ ПРИНЦИБИ (техникада) — башкаруу милдети системага баш ийген бөлүктөргө бөлүштүрүлүп, берилген көп баскычтуу башкаруу системасын түзүү принциби. «Жогорку даражадагы» түзүлүштөрдүн башкаруу сигналдары жалпыланган мүнөздө болуп, ага баш ийген түзүлүштөргө берилгенде, айкын (конкреттүү) түргө келет. *Цифралуу эсептегич машиналарды* микро программалуу башкарууда борб. башкаруучу түзүлүштөн келген операциялардын коддору микро командалардын катарына өзгөртүлүп түзүлүп, ал микро командалар ар бир түзүлүштү башкаруучу сигналдарга айландырылат. Мис., прокаттоо станын башкаруу схемасында валдардын ылдамдыгын башкаруучу блок прокатталуучу металлдын калыңдыгын аныктоочу блоктон тууралап өзгөртүүчү сигналдарды алып турат.

БАШКАРУУЧУ МАШИНА — татаал объектилерди же өз ара байланышкан объектилердин тобун автоматтык түрдө башкара турган эсептегич машина. Б. м-ны колдонуунун негизги максаты — башкарылуучу объектинин нормалдуу ж-а өндүрүмдүү иштешине жетишип, жог. сапаттагы продукция алууну, сырьёлорду же электр энергиясын үнөмдөөнү камсыз кылуу. Б. м. үзгүлтүксүз, дискреттүү аракеттеги ж-а айкалыштырылган типтеги машиналарга болунөт. Үзгүлтүксүз аракеттеги машиналардын амалдары (операциялары) үзгүлтүксүз өзгөрүп туруучу чоңдуктар (электр чыңалуусу, кыймаюу бурчу ж. б.) ж-а дискреттүү машиналардын амалдары сан түрүндө берилген чоңдуктар м-н аткарылат. Айкалыштырылган типтеги машиналар үзгүлтүксүз ж-а дискреттүү аракеттеги машиналардан турат. Б. м. негизинен жөндөлө турган чоңдуктары көп өндүрүш тармактарында: электр энергетикасында, металлургияда, нефть ж-а химия ө. ж-да өндүрүштүк процесстерди автоматтык түрдө башкаруу үчүн колдонулат.

БАШКАРУУЧУ ТААСИР — автоматтык жөндөө системасынын кириши-индеги башкаруучу элементке берилүүчү таасир. Б. т-ге ылайык башкаруучу элементте керектүү кириш сигналы иштетилип чыгарылып, бул сигнал башкы тескери байланыштын сигналы м-н салыштырылып турат. Өз мүнөзүнө жараша Б. т. туракту, убакыттын функциясы катары берилүүчү, убакыт ичинде мурдатан белгисиз закон б-ча өзгөрүүчү чоңдуктар болушу мүмкүн. Б. т-дин ушул түрлөрүнө жараша автоматтык жөндөө системасы 3 класска: автоматтык стабилдештирүү, программалуу башкаруу (жөндөө) ж-а зэрчүү системаларына бөлүнөт.

БАШКАРУУЧУ ТҮЗҮЛҮШ — башкаруу алгоритмине ылайыктап башкарылуучу объектиге таасир берүүчү түзүлүш. Б. т-түү (А) ж-а башкарылуучу объектинин (В) ичине алган *автоматтык башкаруу* системасынын



структуралык схемасы сүрөттө көрсөтүлгөн. Башкаруу максатында Б. т. объектиге башкаруучу таасир берет. Башкаруунун максаты объектинин ишин мүнөздөөчү кандайдыр бир I критерийин экстремумга (эң чоң же эң кичине маанисине) жеткирүү. Эгер I чоңдугунун эң кичине маанисин алуу керек болсо, анда $I(x, x') =$минимум (1) шарты аткарылыш керек, мында x — объектинин чыгыш чоңдугу; x' — системанын кириш чоңдугу. Автоматтык жөндөө системасында x чоңдугу x' тең көп айырмаланбоого тийиш: $I(x, x') = (x-x')^2 =$минимум (2). Мында башкаруунун максаты толук аткарылбайт, анткени, объектиге (В) башкаруучу таасирден (u) башка да алдын ала билүүгө мүмкүн болбогон кедерги (z) таасир кылат. Ошондуктан x жалаң эле u га эмес, z ке көз каранды: $x=x(u, z)$ (3). Жакшы башкаруу максатында Б. т. башкарылуучу объект ж-дөгү бардык информацияларды эсепке алып ж-а алардын негизинде башкаруучу таасирди (u) берип турушу керек. Бирок көп учурда, башкарылуучу объект ж-дөгү информация жок же жетишсиз болушу мүмкүн. Ошондуктан Б. т-түн кириш таасирнин (x') учурдук мааниси м-н бирге объектинин абалы ж-дөгү маалыматтар да объектинин чыгышын Б. т-түн кириши м-н байланыштырып туруучу тескери байланыштын сызыгы аркылуу берилет. Кедергинин (z) учурдук маанисин олчөөгө мүмкүн болсо, ал дагы Б. т-кө берилет (сүр. пунктир сызыгы). Алынган x, x', z маанилеринин негизинде башкаруучу таасир чыгарылат: $u=u(x, x', z)$ (4). Бул көз карандылык Б. т-түн алгоритми деп аталат. Алгоритм татаал болуп калышы да мүмкүн. Мис., u чоңдугу учурдук маанилерге гана эмес системанын абалына да көз каранды болгон учурда, Б. т-кө эске тутуучу блоктор бириктирилет. Эгерде Б. т-түн алгоритми (4) I критерийинин эң кичине маанисин бере алса, анда Б. т.— оптималдуу башкаруучу түзүлүш, ал эми автоматтык башкаруу системасы оптималдуу система деп аталат.

БАШКАРЫЛУУЧУ ТҮЗӨТКҮЧ — өзгөрмө (бир ж-а үч фазалуу) токту түзөтүүгө арналып, чыгышындагы түзөтүлгөн чыңалуусу башкаруучу параметрдин чоңдугуна карата өзгөрүп туруучу вентилдүү өзгөрткүчтүн түрү. Б. т. схемасы б-ча башкарылбоочу түзөткүчтөрдөн айырмаланбайт, бирок анда башкарылуучу вентилдер (жаа разряддуу тиратрон, *тиристор*, игнитрон) пайдаланылат. Б. т. негизинен: 1) туруктуу токтун электр кыймылга келтиргичинин айлануу ылдамдыгын жөндөө; 2) өзгөрмө ж-а туруктуу токтун электр машиналарын дүүлүктүрүү; 3) электролиз ванналарын азыктандыруу; 4) аккумуляторду заряддоо ж. б. үчүн колдонулат.

БАШКИРИЯДАГЫ КАНТОН БАШКАРМАСЫ — падышанын 1798-ж. 10-апрелдеги указы б-ча киргизилген башкаруу системасы. Мында башкырттар, тептярлар ж-а мишарлар аскерлешкен казак-орустардын сословиесине айланган. Алардан кантондорго (округдарга) бөлүнгөн регулярдуу аскер түзүлгөн. Падышалык Россия бул система аркылуу мамлекеттин чыгыштагы чек арасын кайтаруу түйшүгүн жерг. калкка жүктөөгө далалаттанган, Батыштагы согуш аракеттери (Ата Мек. согуш, 1812) убагында аларды пайдаланган. Көп улуттуу калкты жикке бөлүп таштап, башкырттардын өзүн өзү башкарусун биротоло жойгон. Калктын тиричилиги аскер башчыларынын көзөмөлдөөсү м-н өтүп калган, мусулман динчилери да өзүлөрүнө көз каранды болгон. Б. к. б. 1865-ж. жоюлган.

БАШ-КУУГАНДЫ — Нарын обл-ныи Жумгал р-нундагы Кайырма сельсоветине караштуу кыштак. «Дыйкан» к-зунун аймагында, Чаек — Кочкор шоссе жолунун боюнда. Р-ндун борбору Чаектен 17 *км* чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 163 *км*. Калкы 1603 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БАШКЫ АСКЕРДИК ПРОКУРОР — СССР Прокуратурасынын составына кирүүчү Башкы аскердик прокуратураны башкаруучу кызмат адамы. Ал Ген. прокурордун сунушу б-ча СССР Жог. Советинин Президиуму тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат. Б. а. п. армиянын бардык тармактарындагы аскерлердин, аскер окуулларындагы аскерге милдеттүүлөрдүн ж-а анда иштешкен жумушчу, кызматкерлердин законду так аткарууларына, аскер тергөөчүлөрүнүн иштерине, аскер трибуналдарынын иши законго ылайык карашына надзорлук кылат.

БАШКЫ ЖЕ СУУ БӨЛГҮЧ КЫРКА ТОО — *Чоң Кавказ тоо тизмегинин* бийик бөлүгү. Түн-батыштан түш.-чыгышты карай созулуп жатат. Түн. (Кубань, Терек, Сулак ж. б.) ж-а түш. (Кодори, Ингури, Риони, Кура ж. б. д-ларынын алаптары) таранка аккан дарыялардын суу бөлгүчү, к. *Кавказ*.

БАШКЫ ОКТОР — борб. беттердин ж-а борб. экинчи тартиптеги ийри сызыктардын симметрия октору.

БАШКЫ РЕДАКТОР, к. *Редактор*.

БАШКЫРТ АВТОНОМИЯЛУУ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ (Башкыртстан) РСФСРдин составында, 1919-ж. 23-мартта түзүлгөн. Аянты 143,6 миң *км*². Калкы 3831 миң (1973). Б-да 54 район, 17 шаар, 38 ш. т. посёлок бар. Борбору — Уфа.

Мамлекеттик түзүлүшү. Башкырт АССРи — жумушчулар м-н дыйкандардын соц. мамлекети, автон. сов. соц. респ-ка. Конституциясы 1937-ж. 23-июнда Башкырт АССР Советтеринин чукул чакырылган 10-съездинде кабыл алынган. Мамл. бийликтин жог. органы — Жог. Совет ж-а аның Президиуму. Башкырт АССР Жог. Совети респ-каның өкмөтү — Мин. Советин түзөт. Жерг. мамл. бийлик органдары — эмгекчилер депутаттарынын шаардык, райондук, посёлоктук, селолук Советтери. Башкырт АССР Жог. Совети 5 жылдык мөөнөт м-н Жог. сотту шайлайт. Башкырт АССР прокуроруи СССР Ген. прокурору 5 жылга дайындайт.

Табияты. Б. Азия м-н Европанын чек арасында, Чыг. Европа түздүгүнүн четки чыг. бөлүгүндө. Чыгышында Уралдын түш. кырка тоолору (бийикт. 1000—1500 *м*), түн.-чыгышында Уфа бөксө тоосу (бийикт. 500 *м*), түш.-батышында Бугульма-Белебей дөңсөөсү (бийикт. 450 *м*), түштүгүндө Жалпы Сырт тармактары жатат. Эң бийик жери — Түш. Урал-


БАШКЫРТ АССРи
П Е Р М О Б Л.
С В Е Р Д Л О В О Б Л.
УДМУРТ АССР
ТАТАР АССР
ЧУВАШ АССР
Октябрьский
Сарапул
Камбарка
Агрыз
Нижнекамск
Нефтекамск
Салават
Стерлитамак
Ишимбай
Кумертау
Мелеуз
Белорецк
Магнитогорск
Учалы
Сибай
Баймак
Бурибай
Абзелилово
Бакалы
Туймазы
Октябрьский
Ермекеево
Давлеканово
Бижбуляк
Мишкино
Дюртюли
Бирск
Янаул
Кушнаренково
Чишмы
Шаран
Уфа
Шакша
Кармаскалы
Благовещенск
Верхнеяркеево
Семилетка
Чекмагуш
Кызыл Яр
Кызыл Булак
Караидель
Старобалтачево
Аскино
Красноусольский
Туканы
Помоваха
Инзер
Серафимовский
Прибельский
Архангельское
Верхнеаршинский
Мраково
Ермолаево
Зилаир
Исянгулово
Юлдыбаево
Бакалинский
Новобелокатай
Мещегутово
Верхнеуральск
Оренбург
Самара
Саратов
Русская Бармака
Ириклинская ГРЭС
Энергетик
Шильда
Гай
Красногвардейское
Акъяр
Кваркено
Сакмара
Урал
Ташлинский
Александровка
Шарлык
Кандры-Куль
Кинзебулатово
Федоровка
Стерлибашево
Покровка
Краснохолмский
Белая
Бураево
Верхние Карышы
Давлетово
Семилетка
Чекмагуш
Кушнаренково
Благовещенск
Шаран
Чишмы
Языково
Буздак
Раевский
Толбазы
Кармаскалы
Прибельский
Инзер
Зилаир
Тюльган
Подольск
Бурибай
Акъяр
Ириклинская ГРЭС
Энергетик
Шильда
Гай
Красногвардейское



Агидел дарыясы.

дагы Жаман-Тоо (биийкт. 1640 *м*). Б. минералдык ресурстарга, айрыкча нефтиге (Предуралье) бай. Табигый газ, комүр, туз кендери ачылган. Чыгышында темир рудасы, жез, цинк, алтын кени бар. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы — 14°С, июлда 16,5°С. Жылдык жаан-чачын 400—500 *мм*, Зауральеде 500—600 *мм*. Башкы дарыясы — Белая (Агизель, уз. 1420 *км*), анын куймалары: Сим, Уфа, Дёма. Б-нын түзөң жерлеринин көпчүлүк болүгү кара топуракгуу. Белая д-нын түн. жагы чымдуу-күл ж-а боз-токой топуракгуу. Жеринин 40%-не ийне ж-а жазы жалбыракгуу токойлор (карагай, кайың, ак кайың) өсөт.

Калкы. Калкынын көбү башкыртгар. Мында орус, татар, чуваш, украин, мордва, удмурт ж. б. улуттар да жашайт. Калкынын орт. жышт. 1 *км*² ге 26,6 киши (1970). Ири шаарлары (миң киши, 1970): Уфа, (773), Стерлитамак (185), Салават (114), Октябрьск (81), Белорецк (36), Ишимбай (55).

Тарыхый очерки. Б-нын терр-ясындагы адамдын алгачкы изи палеолит дооруна таандык. 9—13-к. башкыртгар Уралдын этегинде, Түш. Уралда ж-а Волга, Яик (Урал) д-ларынын ортосундагы аймакта жашаган, мал чарбасы ж-а балык кармоо м-н жан баккан. 1229-ж. Б-га монгол-татарлар басып кирип, 1236-ж. толук багынтып алат. 15-к-дын 2-жарымында, Алтын Ордо кулагандан кийин, Б. хандыктарга бөлүнгөн. 1557-ж. Б-нын басымдуу болүгү өз ыктыяры м-н Россияга кошулган. 16—17-к. орус дыйкандары м-н Волга боюндагы элдердин Б-га көп көчүп келиши башкыртгардын бир бүтүн элге айланып, отурукташына обөлгө түзду.

Жерг. феодалдардын эзүүчү, орус помещиктеринин жерлерди тартып алышы башкыртгардын кеңири катмарын кыжырлантып, 17-к-дын 2-жарымынан 18-к-дын ортосуна чейин бир катар ири көтөрүлүштөрдүн болушуна алып келген. Башкыртгар *Е. И. Пугачёв* жетекчилик кылган Дыйкандар согушуна активдүү катышып, алардын ичинен айтылуу баатыр *Салават Юлаев*, кол башчы Кинзя Арслановдор чыгышкан. 1865-ж. Уфа өз алдынча губерния болуп түзүлөт. 19-к-дын акырында социалдык эзүүгө, зордуктап орусташтыруу саясатына каршы Б-да жаңы стихиялык кыймылдар болгон.

Уфада алгачкы с.-д. топтор 1895—97-ж. пайда болуп, 1900-ж. паровоз ремонттоо устаканасында марксчик кружок уюштурган. В. И. Лениндин Уфада болушу (1900, февр.—июнь) жерг. жумушчулар үчүн зор мааниге ээ болгон, 1903-ж. январда РСДРПнин Уфа комитети түзүлүп, 1904-ж. РСДРПнин Урал обкомуна кошулат. Уралдык большевиктердин уюштыруучуларынын ж-а жетекчилеринин бири Я. М. Свердлов болгон. Уфада 1905-ж. 7-декабрда Жумушчу депутаттардын совети уюшулат. 1917-жылдагы Февр. рев-ясынан кийин 5-мартта Улуттар Совети түзүлөт. 1917-ж. 26-октябрда (8-ноябрь) Уфада Совет бийлиги орнөйт. Б.—РСФСРдин составындагы биринчи автон. сов. респ-ка (1919). 1920-ж. июлда Бүткүл Б-лык советтердин 1-съезди болуп, БАК шайланат. Борбору Уфа болот. 1937-ж. 23-июнда Советтердин чукул чакырылган 10-съездинде Башкырт АССРинин жаңы Конституциясы кабыл алынган. 1934-ж. партиянын 17-съездинде Б-да ири нефть базасын куруу маселеси көтөрүлүп, нефть ө. ж. дүркүрөп өнүгөт. Б. 1935-ж. 15-мартта ө. ж. ж-а а. ч-дагы жетишкендиктери үчүн Ленин ордени м-н сыйланат. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында ө. ж. продукциясын өндүрүү 2,5 эсеге өсөт. Согуштагы каармандыгы үчүн Б-дан 250 жоокер Сов. Союз. Баатыры болот. Согуштан кийин Б-нын экономикасы ж-а маданы озгөчө темпте өнүктү. Ири ө.ж. продукцияларын өндүрүү 1968-ж. 1913-жылга караганда 414 эсеге өскөн. 1957-ж. 13-июндда Б-нын Россияга кошулгандыгынын 400 жылдык урматына Б. АССРи 2-жолу Ленин ордени, 1969-ж. 21-мартта коммунисттик курулушта жетишкен ийгилиги ж-а респканын 50 жылдык урматына Октябрь Революциясы, 1972-ж. 29-декабрда Элдердин Достугу ордендери м-н сыйланды.

Эл чарбасы. Б.— ө. ж. өнүккөн, ири а. ч-луу респ-ка. СССРдин нефть өндүрүүчү маанилүү р-нун бири; химия ө. ж. м-н машина куруунун маанилүү борбору. Б. 70-жылдардын башында нефть өндүрүү б-ча Сов. Союзунда (Татар АССРинен кийин) 2-орунду ээлеген. Нефть иштетүүчү ишканалары Уфа, Салават, Ишимбай ш-ларында. Өлкөбүздүн ө. ж-луу боорлоруна нефть м-н газ түтүктөру (Туймаазы—Омбы, Туймазы—Куйбышев, Шкапово—Ишимбай—Магнитогорск, Ишимбай—Уфа) жүргүзүлген. Ө. ж-нын нефтиден кийинки орчундуу тармактары: кара ж-а түс. металлургия (Белорецк, Сибай), электр тех. (Уфа), нефть иштетүүгө керектүү жабдыктар м-н бургулоо станокторун чыгаруу (Стерлитамак). Нефтегазохимия ишканаларында спирт, синтет. каучук, полиэтилен, пластмасса, жуугуч заттар, синтет. була, гербициддер чыгарылат. Жеңил ж-а тамак-аш ө. ж-да, айрыкча ун, май, сыр, эт продуктуларын чыгаруу, бут кийим, кийим тигүү тармактары жакшы өнүккөн.

Б.— дыйканчылыгы, мал чарбачылыгы жакшы өнүккөн р-ндордун бири. Дыйканчылыктын башкы тармагы — дан чарбачылыгы, мал чарбачылыгында сүт-эт үю, эт-жүн берчү кой остүрүлөт. Респ-канын кээ бир р-ндорунда жылкы багылат. Б-нын эл чарбасында т. ж. башкы ролду ойнойт. Анын уз. 1197 *км* (1969). Шоссе жолдору 9,4 миң *км* (1968). Башкы суу жолдору — Белая, Уфа д-ларынын (навигация кезиндеги уз. 757 *км*).

Саламаттык сактоосу. 1913-ж. Б-да 143 врач, 342 орто билимдүү медкызматкер иштеген. 1,7 миң ооруканага койкасы болгон. 1969-жылдын 1-январында 32,8 миң койкалуу 375 ооруканада ж-а амбулатордук-поликлиникалык жардам берүүчү 505 врачтык мекемеде 6353 врач, 23,3 миң орто билимдүү мед. кызматкер эмгектенген. Б-да 31 санаторий, 11 дем алуу үйү (1968) бар.

Элге билим берүү, маданий-агартуу жана илимий мекемелери. Окт. рев-ясына чейин жог. окуу жайлары жок эле. Калктын 80%-тен көбү сабатсыз болгон. Совет бийлигинин жылдарында Б-да маданий рев-я ишке ашты. Жалпыга милдеттүү 8 жылдык окуу киргизилип, окуу жайларынын тармагы кеңиди. Б-да 4636 жалпы билим берүүчү мектеп, 63 атайын орто, 9 жог. окуу жайы бар. 1973—74-окуу жылында жалпы билим берүүчү мектептерде 908 миң окуучу, атайын орто ж-а жогорку окуу жайларында 114 миң студент окуган. 1974-ж. балдар яслисинде ж-а бакчасында 150 миңдей бала тарбияланган. Респ-када 1974-ж. 1861 массалык китепкана, 2911 клуб мекемеси, 7 музей, 7 театр, 3114 киноустановка, Уфада Пионерлер двореци, 48 пионер үйү, 12 спорттук мектеп, жаш техниктер ж-а натуралисттер станциялары бар.

Басма сөз, радио уктуруу, теле көрсөтүү. Б-да 1968-ж. тиражы 1658 миң даана 241 китеп ж-а брошюра басылган. Респ-када орус, татар, мари, чуваш, удмурт тилдеринде бир жолку тиражы 966 миң даана 112 газета чыгарылат. Республикалык газеталар: «Совет Башкортостаны», «Советская Башкирия», «Ленинец», «Кызыл тан»; журналдар: «Агидель», «Башкортостан кызы», «Пионер». Радио уктуруу ж-а теле көрсөтүү 2 программада: башкырт ж-а орус тилинде жүргүзүлөт. Уфада теле борбор бар.

Уфа шаарынын борбордук бөлүгү.



Салават шаары. Маданият двореци.



Адабияты. Башкырт элинин оозеки ад-ты эпос, тарыхый, турмуш-тиричилик ырлар-га, жомок, легендаларга бай. Салават Юлаевдин өркүндүктү өңсөгөн ырлары да элдик чыгарга кошулат. 18—19-к. чыккан жазуучулар Т. Ялсыгул, Гали Сокрый, Ш. Я. Заки, Г. Салиховдор диний-этикалык чыгарлар жазышкан. Б. ад-тына агартуучулук идея ж-а окутуунун схоластикалык методун сындоо 19-к-дын 2-жарымында чыгыкан жазуучу ж-а илимпоз М. Умитбаев, М. К. Акмулла, М. Бикчурин ж. б. дын чыгарлары аркылуу кирди. 1905—07-жылдагы рев-ясын алдында ад-тка М. Гафури келди. Анын «Кызыл Туу» (1917) атуу жыйнагы башкырт рев-чыл лирикасына негиз салды. Рев-ядан кийин ад-т майданына гражд. согуштун катышуучулары: Гариф Гумер, Б. З. Ишемгулов, Тухват Янаби, Имай Насыри ж. б. жазуучулар көчүшүду. Д. Юлтыйдын «Карагул» пьесасында Б. элинин өркүндүк үчүн күрөшү көрсөтүлгөн. Поэзия багытында иштеген акындар өркүндүккө чыккан эмгек адамын ырдашты. Б. ад-тында 30-жылдардагы коллективдештирүү ж-дө да жазылды. Ө. ж-дын өнүгүшүнө байланыштуу Б. ад-тына жумушчу темасы кирди. Бул темаларга С. Агиш, В. Г. Бикбай, Х. Л. Давлетшина, А. Карнай, С. Ф. Кудаш ж. б-дын роман, повесттери арналды. Улуу Ата Мек. согуш убагында поэзия жанры кулач жайды. Т. Г. Арслан, А. М. Валеев, М. С. Карим, Н. Н. Наджми, Р. Нигмати ж. б-лар фронттогу жа-тылдагы баатырлардын образын түзүштү. С. Ф. Кудаш, Г. Гумер, Х. Давлетшина, З. Биишева ж. б-дын согуштан кийин жазылган повесть, романдары Б. ад-тына өзгө эмес, совет ад-тына кошулган чоң салым болду. Б-да ад-т таануу ж-а адабий сын да өнүгүүдө. Б. ад-тына ж-а элдик чыгыкка арналган монографиялар жаралды. Бул багытта А. Харисов, К. Ахмедзянов, С. Галин өңдөнгөн илимпозсынчылар иштеп жатат.

Архитектура жана сүрөт искусствосу. Б-нын аймагынан палеолит дооруна аскага тартылган чиймелер (Шулганташта), мүрзөлөрдөн ар түрдүү кооздук буюмдары табылган. Башкырттар кылымдар бою боз үйдө ж-а сайма алачыкта, токойлуу жерлерде жыгач үйлөрдө жашашкан. Б-нын курулуштарында, айрыкча мечит м-н күмбөздөрүндө Болгариянын (Волга-Кама архитектурасынын) таасири айкын байкалат; Б. Россияга кошулгандан кийин (16-к.) орус архитектурасынын таасири тийди. 16—18-к. курулган Стерлитамак, Белебей, Уфа ш-ларына классицизм стилиндеги имараттар курулду. 19-к-да эклектикалык мүнөздөгү үйлөр курулду. Совет бийлигинин жылдарында эски шаарлар реконструкцияланды. Классицизмдин элементи кошулуп жаңы театр, мад-т үйлөрү, окуу жай имараттары курулду. 60-жылдардан бери Б-да азыркы стилдеги курулуштар курулууда.

Б-нын сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнө революция алдында чыккан сүрөтчүлөр К. Давделегациясын В. И. Лениндин кабыл ж. б. чоң роль ойногон. Алар 1916-ж. Уфада сүрөт көргөзмөсүн уюштурушкан. 1920-ж. Уфада Көркөм сүрөт өнөр музейи, 1926-ж. Көркөм сүрөт окуу жайы (азыр Уфа иск-во окуу жайы) ачылган. Б-нын көп художниктери ошондон билим алышты. 30—40-жылдары Б-нын живописчилери тарыхый рев-чыл темадагы сүрөттөрдө көңүл бурушуп, И. И Урядов В. И. Чапаевге, А. П. Лежнев Салават Юлаевге арналган сүрөттөрдү, Г. Мустафин «Башкырт делегациясын В. И. Лениндин кабыл алышы» деген сүрөттү тартышты. 50—60-жылдардан бери Б. иск-восу ар тараптуу өнүгүүдө. Б. элдик чеберчилигинде саймачылык күчтүү өнүккөн. 60-жылдары скульптура да көрүнүктүү орунга чыкты.

Театры. Б. улуттук проф. театры Окт. рев-ясынан кийин түзүлдү. 1919-ж. Стерлитамакта кызыл аскердик өздүк көркөм чыгык кружогунун негизинде улуттук театр (азыркы М. Гафури атн. акад. драма театр) ачылган. 20—30-жылдары башкырт драматургдары Х. К. Ибрагимовдун «Башмачкалар», А. Тагировдун «Завод», ры, орус ж-а чет элдик классиктердин белгилүү спектаклдери коюлган. 30—40-жылдары театрлардын тармагы кеңиди. Уфада, Стерлитамакта, Сибайда ж-а Салаватта жаңы театрлар ачылды. Ата Мек. согуш жылдарында театрлар патриоттук темадагы пьесаларды коюшту (К. Мэргандин «Согуш», Л. М. Леоновдун «Чабуул», Р. Нигматтын «Ак дарыянын боюнда» ж. б.). Б. театрларынын репертуары кийинки жылдарда азыркы турмушка, тарыхый рев-ялык темага арналган пьесалар м-н байдыш. Алар: М. Абдуллиндин «Биз ажырашпайбыз», М. Каримдин «Жалгыз кайың», «Ай тутулган түнү», Р. Ишмуратын «Бороонду утурлап» ж. б. Б-нын театр онөрүнүн чеберлеринин арасинда СССР эл артисти А. К. Мубаряков; РСФСР эл артисттери З. И. Бикбулатова, Г. М. Мингажев, А. Ф. Зубаиров, Г. Х. Карамышев ж. б. бар. Респ-калык театр кадрларын ГИТИС м-н Уфа иск-во ин-ту даярдайт.

Музыкасы. Окт. рев-ясына чейин Б. музыкасынын негизинен эл чыг-лыгы түзгөн. Элдик муз. чыг-лары узун күү (созолонгон обон), орточо күү (бир аз созулуп ырдалуучу обон), кыска күү (кыска обон) болуп бөлүнгөн. Муз. аспаптары: курай (сыбызгы), кыяк, кобыз (металл же жыгач-



Башкыр Мамл. филармониясынын ыр-бий ансамблинин аткаруусунда элдик бий.

тан жасалат). Бул аспапты, көбүнчө алардан м-н балдар тартышкан. Б-да Совет бийлиги орногондон кийин гана профессионалдык муз. мад-т өнүгө баштайт. 1922-жылдан тартып Уфада спектаклдер, муз. комедиялар коюлат. 1932 ж. Москва консерваториясынын алдында Б. студиясы ачылып, ага Башкырт АССР эл артисти Б. Г. Альмухаметов жетекчилик кылган. 30-жылдары бул студияны Х. Ф. Ахметов, Х. Ш. Заимов, З. Г. Исмагилов, Р. А. Муртазин ж. б. бүтүрүп чыгат. 1938-ж Уфада Б-нын муз театры, 1941-ж. мамл. опера ж-а балет театры, филармония ж-а эл аспаптар оркестри уюштурулган. Көрүнүктүү комп-лор: Х. Ф. Ахметов, Х. Ш. Заимов, Р. А. Муртазин ж. б. Б-да консерватория, муз. 2 окуу жайы, муз. бир нече көтеп, Уфада РСФСР комп. союзунун бөлүмү бар.

Ад.: История Башкирской АССР, 3 изд., Уфа, 1968; Башкирия за полвека, Уфа, 1969; Хисматов М. Ф., Башкирия. Экономико-географическая характеристика, Уфа, 1968; Наука Советской Башкирии за 50 лет, Уфа, 1969; История башкирской советской литературы. Очерки, ч. 1—2, Уфа, 1963—66; Лебединский Л. Н., Башкирские народные песни и напрыши, 2 изд., М., 1965; Хайруллин Р., Башкирский ансамбль народного танца, Уфа, 1966.

БАШКЫРТ ЖЫЛКЫСЫ — Башкырт жергесинде илгери чыгарылган жерг. жылкы. Бою жапыз, кичине, тукур ж-а чымыр келет. Континенттик климатка байымдуу. Жыл бою жайытта

багылат. Өңү ар түрдүү, кула м-н торусу көп учурайт. Б. ж-нын тирүүлөй салм. 370—420 *кг*. Бээси сүттүү, күнүнө 8—10 *л*, байыганча 1100—2000 *л* сүт саап алынат. Жоош, чыдамкай, а. ч. жумуштарында ж-а унаа катарында пайдаланылат. Б. ж. Башкырт АССРинде күтүлүп, эттүүлүгүн, сүттүүлүгүн көбөйтүү максатында асылдандыруу иши жүргүзүлүп жатат.

БАШКЫРТ КОРУГУ — Башкырт АССРинде, Түш. Уралдын борб. бөлүгүндөгү ж-а Белая д-нын боюндагы корук. Аянты 72 миң *га*, 1930-ж. токой, токойлуу талаа ландшафттарын сактоо ж-а аларды изилдөө үчүн уюштурулган. Коруктa кызыл карагай, чайыр карагай, кайың өсөт. Айбанаты: багыш, марал, элик, күрөң аюу, илбирс, суусар, кызыл күсөн, тыйын чычкан, ала чычкан; канаттуулары: каракур, чил, кекилик ж. б. Мында жапайы аары, сууларында таймень, жилингир, харпус балыктары кездешет. Айтылуу Кап үңкүрү ушул коруктун аймагында.

БАШКЫРТ КӨТӨРҮЛҮШТӨРҮ (17—18-к.). 1662—64-жылдагы көтөрүлүш падыша өкмөтү башкырт феодалдарынын калмактарды чаап алуусуна тыюу салып, туткундарын кайтарып берүүнү талап кылгандан улам башталган. Көтөрүлүшкө ири феодалдар башчылык кылышкан. Алар оруска көз каранды болуудан баш тартып, калмак таймалары жө Сибирь падышасы Кучук м-н ымалага келүүнү көздеген. Көтөрүлүш бүткүл башкырт жерин ж-а ага коңшу башка уезддерди камтып, 1662-ж. жай айында өтө оорчүгөн, 1664-ж. күч м-н басылган, бирок падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдүн айрым талаптарын канаатгандырган.

1681 — 83-жылдагы көтөрүлүштүн чыгышына Поволжьенин ж-а Приуральенин орус эмес элдерин христиан динине зордон киргизип жатыптыр деген имиштин таркашы шылтоо болгон. Ага башкырт феодалдары башчылык кылышкан. Көтөрүлүш 1681-ж. күзүндө башталып, башкырт жерине калмак отряддары жардамга келишкен, бирок алар чындыгында башкырт калкын баш ийдирүүгө аракеттенишкен. Көтөрүлүшчүлөр күрөшүүнү 1683-ж. токтотушкан. 1705 — 11-жылдагы көтөрүлүш 1704-ж. жаңы салыктын кирги-

зилиншиен ж-а орус армиясына ат бересиңер деген талаптан улам чыккан. Мында башкырт ири феодалдары башкырт хандыгын түзүүгө аракеттенишкен. 1705—06-ж. башталган кыймыл күч м-н басылып, 1707—08-ж. кайра чыккан. Акыры падыша өкмөтү салыктын өлчөмүн азайтып, айрым жерлерди салыктан бошотууга мажбур болгон.

1735—40-жылдагы көтөрүлүш башкырт жерине чеп салып кирген падыша өкмөтүнө каршылык көрсөтүү катары чыккан. Көтөрүлүштү ири феодалдар башкарган. Казак ханы Абулкайырдын колдоосун эш туткан башкырт феодалдары оруска букара болуудан баш тартууну жакташкан. Ушундан улам 1740-ж. кыймыл кайрадан жанданып, көтөрүлгөндөр бул жолу өзүн өзү хан деп жарыялаган Карасакалдын (Миңлигул Юлаевдин) жетекчилигинде болгон. Бирок бул көтөрүлүш ырайымсыздык м-н басылып, падыша өкмөтү башкырт общиналарынын турмушуна орус администрациясынын реформаларын жүргүзгөн.

1755-жылдагы көтөрүлүш, Батыршанын көтөрүлүшү феод. эзүүнүн, падышалык администрациянын жерг. элди кысымга алып, өз жеринен куугунтукка алуусунан ж-а зордоп христиандаштыруу саясатынын күчөшүнөн чыккан. Аны даярдоодо Абдулла Алеевдин (Батырша) чакырыгы белгилүү роль ойногон. Бирок Батырша ага иш жүзүндө жетекчилик кылган эмес. Көтөрүлүш стихиялуу мүнөздө өткөн. Падыша аскерлеринин кысымы көтөрүлүштүн активдүү катышуучуларын казак талааларына кетүүгө аргасыз кылган. Түн. башкырт жеринде мындан кийин көтөрүлүш 2 жолу чыгып, кайра токтогон. Бул көтөрүлүштөн кийин падышачылыктын Башкыртстандагы эзүүсү бир аз бошоңдогон.

БАШКЫРТ ТИЛИ — түрк тилдеринин кыпчак тобуна кирген башкырттардын тили. Негизинен 2 диалектиден турат: түш. (юрмат) ж-а чыг. (кувакан). Бул тилде 820 миңге жакын адам (1970) сүйлөйт. Татар тилине жакын, бирок фонет., граммат. жактан айырмачылыктары бар. Башкырттар 1939-жылдан бери орус алфавитинин негизиндеги жазмада. Буга чейин араб (1929-жылга чейин), латын (1929-жылдан) алфавитиндеги жазманы урунуп келген.

Ад.: Дмитриев Н. К., Грамматика башкирского языка, М.—Л., 1948; Баишев Т. Г., Башкирские диалекты в их отношении к литературному языку, М., 1955; Киекбаев Ж., Башкорт теленең фонетикаһы, Өфө, 1958.

БАШКЫРТ УНИВЕРСИТЕТИ Октябрдын 40 жылдыгы атындагы—Уфадагы К. А. Тимирязев атн. пед. ин-ттун базасында (1957) негизделген. Физ.-матем., биол., филол., тарых, геогр., хим., чет тил ф-теттери бар. Сырттан ж-а кечки окуу бөлүмдөрү, аспирантура, 36 кафедра иштейт. 1969—70-окуу жылында 7 миң студент окуп, 420 окутуучу (ил. даражасы м-н наамы бары 208) иштеген. 550 миңге жакын томдуу китепканасы бар. 1957-жылдан «Ученые записки» жыйнагы чыгат.

БАШКЫРТТАР (өздөрүн башкорт деп аташат) — улут, Башкырт АССРинин негизги калкы. Башкырт тилинде сүйлөшөт. Жалпы саны 1240 миң киши (1970), анын ичинен 1,181 миңи Башкырт АССРинде жашайт. Динге ишенгендери — мусулман. Б. з. ч. 1-миң жылдыкта Түш. Уралда жашаган малчы сарматтардын, ошол эле мезгилде Түш. Уралга ооп келген көчмөн түрк элинин мад-ты м-н тили Б-дын эл болуп калыптанышында зор роль ойногон. Бул процесске огуз-печенег уруулары, волга-камалык болгарлар, кийинчерээк (11—13-к.) кыпчактар ж-а айрым монгол урууларынын да катышы бар. Б-дын Москва мамлекетине кошулушу (1552—57) башкырт урууларынын бытырандылыгын жоюп, алардын баш кошушуна өбөлгө түздү. Өткөндө Б. негизинен мал чарбасы м-н күн көргөн көчмөн эл болгон; аңчылык, аарычылык кеңири тараган; кол өнөрчүлүгү: токуу, кийиз жасоо, килем токуу, саймачылык, булгаары жасоо болгон. 17—19-к. Б. дыйканчылыкка өтүп, отурукташа баштаган. Жыгач сокмо ж-а колек үйлөрдө ж-а боз үйдө («тирмэ») жашаган. 1919-ж. улуттук автономия алган Башкыртстанда азыр кубаттуу ө. ж. жогору механикалашкан а. ч. түзүлдү. Илим м-н мад-т өнүгүп, улуттук интеллигенция өсүп чыкты, улуттук ад-т, иск-во түзүлдү, к. *Башкырт АССРи.*

«БАШМАК» — Түш.-Бат. Германиядагы дыйкандардын жашырын союзу (15—16-к.). Бут кийимдин сүрөтү тартылган туу феодалдар м-н князьдардын эзүүсүнө каршы дыйкандар күрөшүнүн символу болгон. «Б.» термини ушундан чыккан. «Б-тын» талабы антифеод. мүнөздө (чиркөө жерлерин бөлүштүрүү, феод. алык-салыктарды жоюу, коомдук жерди эркин пайдалануу) коюлган. Кийин «Б-тын» бети ачылып калып, союз жок кылынат. Бирок анын жетекчиси — дыйкан Фриц Иосс 1513-ж. борбору Леен кыштагы болгон жаңы союз уюштурат. Бул союз императордон башка бийликтин бардыгын жоюу талабын коюу м-н Германиянын бытырандылыгын жоюуну көздөгөн. «Б-тын» жаңы заговорунда (1517) дыйкандардын шаардык плебейлер м-н бирдикте аракеттенүүгө умтулуулары даана көрүнгөн. «Б.» койгон талаптар Германиядагы Дыйкандар согушун (1524—26) даярдоодо маанилүү роль ойногон.

БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ — билим берүүнүн негизи, башталгыч класстарда берилүүчү алгачкы таалим-тарбия. Б. б. берүү мурда 4 жылга созулса, КПСС БК м-н СССР Мин. Советинин 1966-ж. 10-ноябрдагы «Жалпы орто билим берүүчү мектептердин иштерин мындан ары да жакшыртуунун чаралары жөнүндө» деген токтомунан кийин 3 жылдык мөөнөткө өттү. Өлкөбүздө илим, тех., иск-во, ө. ж. м-н а. ч-нын өсүшү, элибиздин мад-тынын артышы, билим деңгээлинин жогорулашына байланыштуу Б. б. берүүнүн жаңыдан түзүлгөн программалары кабыл алынып, билим берүүнүн мурдагы мазмунуна чоң өзгөрүүлөр, толуктоолор киргизилди. Б. б. берүүдө кыргыз тил, орус тил, математика, ыр ж-а музыка, сүрөт, дене тарбия, кол эмгек, жаратылышты үйрөнүү сабактары окутулат. Ар бир предмет б-ча окуу программаларына ылайык билим берилет.

БАШТАПКЫ КОМСОМОЛ УЮМУ — комсомолдун негизи. Баштапкы уюм кеминде 3 комсомол мүчөсү бар заводдор м-н фабрикаларда, колхоз-совхоздордо, ишканалар м-н мекемелерде, Сов. Армиянын бөлүктөрүндө, окуу жайларында түзүлөт. Комсомол мүчөлөрүнүн саны ишканаларда 50дөн, колхоздор м-н совхоздордо 20дан, окуу жайларында 100дөн ашса, комсомол комитеттеринин уруксаты м-н Б. к. у-нун укугундагы цехтик, участоктук, фермалык, бригадалык, бөлүмдүк, ф-теттик, курстук уюмдар түзүүгө болот. Б. к. у-нун ичинен бригада, агрегат, курс ж. б. өндүрүштүк звенолор б-ча топтор түзүлөт. Б. к. у-нун жог. органы — кеминде айына бир жолу өткөрүлө турган комсомолдук чогулуш. Б. к. у. күндөлүк ишти жүргүзүү үчүн 1 жылдык мөөнөткө комсомол комитетин, ал эми цехтик, бригадалык, ф-теттик, курстук комсомол уюмдары бюро шайлашат. ВЛКСМдин мүчөсү 10дон кем уюмдарда комитет, бюро түзүлбөй, комсомол уюмунун секретары м-н анын орун басары, комсомолдун топторунда уюштуруучулар шайланат. Б. к. у. ВЛКСМге жаңы мүчөлөрдү кабыл алат. Тийиштүү парт. уюмдардын жетекчилиги м-н иш жүргүзүп, уландар м-н кыздарды партиянын директиваларын ишке ашырууга мобилизациялайт.

БАШТАПКЫ ПАРТИЯЛЫК УЮМ — партиянын негизи деп саналган КПССтин төмөнкү уюму, Компартиянын саясий жетекчилигин жүзөгө ашыра турган башкы звеносу. Анын негизги милдети — КПССке жаңы мүчөлөрдү кабыл алуу, коммунисттерди коммунисттик моралдын духунда тарбиялоо, аларга маркстик-лениндик теорияны үйрөнүшүн уюштуруу, эмгекчилердин арасында агит.-пропагандалык иштерди жүргүзүү ж. б.

Б. п. у. 3төн кем болбогон партиянын мүчөлөрү бар заводдо, фабрикада, колхоздо, совхоздо, ишканаларда, мекемелерде, Сов. Армиянын бөлүктөрүндө, окуу жайларында ж. б. түзүлөт. 50дөн ашык партия мүчөсү бар уюмдарда райондук, шаардык партия комитетинин уруксаты м-н

цехтик, участоктук, фермалык, бригадалык, бөлүмдүк партия уюмун; ал эми коммунисттердин саны 50гө жетпеген уюмдарда бригада ж-а башка өндүрүш звенолору б-ча парт. топторду уюштурууга болот. Б. п. у-дун жог. органы — кеминде айына 1 жолу өткөрүлө турган жалпы чогулуш. Цехтик уюмдары бар жерде жалпы чогулуш 2 айда бир жолу, коммунисттердин саны 300дөн ашык ири партия уюмдарында зарылдыгына жараша же бир нече цехтин, уюмдун талап кылуусу б-ча чакырылат. Коммунисттердин саны 300дөн ашкан ири ишканалар м-н мекемелерде, терр-ясы бытыранды 100дөн ашык коммунисти бар уюмдарда, кеминде 50 коммунисти бар колхоздо, совхоздо, жог. парт. уюмдардын чечими м-н парткомдор түзүлөт. Коммунисттердин саны 1000ден ашкан уюмдардын парткомдоруна райкомдун укугу берилет. Б. п. у. өз жумушунда КПССтин Программасы м-н Уставын жетекчиликке алып иштейт.

БАШТАПКЫ ШАРТ — белгилүү бир процесстин, убакыттын кандайдыр бир моментиндеги абалын туюнтуучу шарт. Бул процессти мүнөздөөчү дифференциалдык теңдеменин жалпы чыгарылыштарынын арасынан ал процесстин алдыда айтылган моменттеги абалын бере турган айрым чыгарылышын бөлүп алууга мүмкүндүк берет.

БАШТЫК — таардан, териден, кездемеден жасалган идиш. Аны кыргыздар көчмөн жашап жүргөндө көп урунган. Ичине салынчу нерсесине жараша Б. бир нече түргө бөлүнгөн. Мис., туз баштык, жем баштык, чай баштык ж. б. Кичинекейи көз Б. деп аталган. Б-тын көп түрлөрү азыр урунуудан чыгып калды.

БАШТЫКЧАЛУУ КОЗУ КАРЫНДАР, аскомицеттер (Ascomycetes) — татаал түзүлүштүү козу карындардын чоң классы. Жипчелери көп клеткалуу. Мүнөздүү белгиси: тукумдук денелеринде баштыкчаларды пайда кылат. Алар жыныстык процесстен пайда болот. Баштыкчада 8ден *спора* (аскоспора) калыптанат. Б. к. к. кээде конидиялары м-н көбөйөт. Көпчүлүгү азык-түлүктөрдө (кеберлер), ичимдиктерде (ачыткылар) өсүп, алардын бузулушуна себеп болот. Кээ бири (ак кебер, өсүмдүк рагы, темгил, чакалай, чирик), көбүнчө өсүмдүктөрдө, чандасы кишиде ж-а жаныбарларда мителик кылат. Айрым Б. к. к. тамак-ашка ачыткы катары колдонулуп, кээсинен медицинада кеңири пайдаланылуучу пенициллин препараты даярдалат.

БАШТЫКЧАНДАР (Marsupialia) — сүт эмүүчүлөрдүн классчасы. Клоакалуулар м-н катар Б. эң жөнөкөй сүт эмүүчүлөр. Уз. 8 *см* ден 2 *м* ге чейин жетет. Териси түктүү, кээ бирлериники тыбыттуу. Айрымдарынын куйругу жакшы өнүккөн. Көпчүлүк түрлөрүнүн балдары баштыкчасында чоңоёт. Баштыкчасы тери бырыштарынан түзүлүп, желинин каптап турат. Эмчектеринде 2—27 үрпү болот. Б. 8—39 күндө тууйт. Чоңдугу 3 *см* болгон балдарын баштыкчасында 6—8 айча көтөрүп жүрөт. Б-дын 220-га жакын түрү белгилүү. Алар Австралияда, Тасманияда, Жаңы Гвинеяда, Түн., Түш., Борб. Америкада таралган. Даракчы Б-дын денесинин капталында учуучу жаргакчалары болот, токойлордо жашайт. Талааларда жашоочу түрүнө кенгуру, баштыкчан кош аяк ж. б. кирет. Алардын арткы буттары ж-а куйругу жакшы өөрчүгөндүктөн, секирип ж-а чуркап жүрүүгө ылайыкталган. Б. түрдүү курт-кумурскалар, майда омурткалуулар, куштардын жумурткасы м-н тамактанат. Ири жырткычы — баштыкчалуу карышкыр койду, тарпты, кээде кенгуруну жейт.

БАЯЛИНОВ Касымалы (1902-ж. т., Ысык-Көл р-ну, Көк-Мойнок кыш.) — кыргыз совет ад-тын негиздөөчүлөрдүн бири. Кыргыз ССР эл жазуучусу (1968), коомдук ишмер. 1925-жылдан КПССтин мүчөсү. Чарбалуу дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Кат сабаты рев-яга чейин ачылган. Ташкенде советтик-парт. 6 айлык курсту (1919), Алматыда Казак-кыргыз агартуу ин-тун (1925), Москвада Бүткүл союздук журналисттер ин-тун (1928—33) бүтүргөн. Ташкенден курсту бүтүрүп келгенден кийин респ-кадагы жаңыдан уюшулуп жаткан комсомол кыймылына активдүү катышып, Ат-Башы, Кочкор р-ндорунда биринчи комсомол уюмдарын түзгөн. 1933—53-ж. Москвадагы Борб. басмасын кыргыз секциясында редактор, респ-калык мамл. басманын башкы редактору, Жети-Өгүз МТСнин алдында райондук газетанын редактору, Кыргызмамбаста редактор, обл. «Ысык-Көл правдасы» газетасынын редактору, СССР ИАнын Кырг-ндагы филиалында ил. кызматкер, «Советтик Кыргызстан» журналынын редактору, Кырг-н ЖСтин башкармасынын председатели болуп иштеген.

Чыг-лыгы 1923-жылдан башталат. «Биз ким элек, ким болдук», «Ала-Тоо, өткөн күндү ойло» сыяктуу ырлары 1924-ж. «Тилши», кийин «Эркин-Тоо» газеталарына басылган. «Жетимдин өлүмү» (1926) аттуу аңгемесинен кийин Б. проза жанрына ооп баштайт. 1927-ж. «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» тамсилдери чыгат. 1927-ж. жарык көргөн «Ажар» повести бир гана Б-дун олуттуу ийгилиги болбостон, 20-жылдагы жалпы эле кыргыз прозасынын реалисттик багыттагы өсүшүн аныктаган маанилүү чыг. болду. Бул чыг. жазуучунун атын окурмандарга маалым кылды. «Жетилген жетим», «Турмуш түрткүсүндө», «Кош жүрөк», «Бактылуу жылкычы» деген аңгеме, очерктери жарыяланат. 40-жылдары «Кызыл Армия үчүн кызмат кылды», «Ал эми жетим эмес», «Шаифтин аңгемеси», «Аткарылган ант» аттуу көркөм очерктерди, аңгемелерди жазды; 1947-ж. «Бакыт» повести («Көл боюнда» романынын 1-китеби) жарык көрдү. Бул повестте совет элинин согуш мезгилиндеги саясий-моралдык биримдиги,



К. Баялинов.

фронттогу жоокерлерибиздин баатырдыгы, кыргыз элинин кужурмөн эмгеги, патриоттук бийик духу дурус чагылган, 1950-жылдан бери «Улуу курулуштарда», «Абхазияда», «Тянь-Шандын жазы» деген очерктерин, «Курман жылга» повестин, үч китептен турган «Боордоштор» романын жаратты. «Боордоштор» романы—кийинки мезгилдеги жараткан чыг-ларынын ичинен маанилүүсү. Түш.-Чыг. Европа өлкөлөрүндөгү жумушчулардын өткөндөгү турмуштары, рев-чыл мүнөздөгү кыймылдар, Окт. рев-ясынын Россияда жеңишинен кийин Совет бийлигин О. Азияда, Каз-нда орнотуудагы күрөштөр, убактылуу өкмөттүн биротоло талкаланышы өңдүү тарыхый окуялар бул романдын сюжеттик өзөгүн түзөт.

Ал А. С. Пушкин, М. Ю. Лермонтов, И. А. Крылов, В. Г. Белинский, М. Горькийлердин ж-а совет ад-тынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бир катар чыг-ларын кыргыз тилине которгон. «Ажар» повести орус тилине ж-а бир катар чет тилдерде (чех, француз, англис, немец) басылып чыккан. «Бакыт», «Көл боюнда», «Боордоштор» чыг-лары да СССР элдеринин айрым тилдерине которулду. Б.— кыргыз ад-тынын айрым маселелери м-н Токтогул, Барпы өңдүү классиктердин ж-а орустун улуу жазуучулары А. С. Пушкин, М. А. Крылов, М. Горькийдин чыг-ларына арналган бир нече макаланын автору. Б. Кырг. ССР Жог. Советинин 3-шайл. депутаты. Октябрь Революциясы, эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Ажар, Фр., 1926; Повесттер жана аңгемелер, Фр., 1952; Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы, 1—2-т., Фр., 1969—70; Счастье. Повести и рассказы, М., 1948; Братство. Роман, Фр., 1964.

Ад.: Түлөгабылов М., К. Баялиновдун чыгармачылык жолу, Фр., 1966; Садыков А., Эл достугун баяндаган роман, «Советтик Кыргызстан», 1963, 14-дек.; Набойщиков Г., Книга о дружбе, «Литературный Киргизстан», 1968, № 1; Эркебаев А., Кыргыз романдарынын контрасттары, «Ала-Тоо», 1973, № 5.

БАЯЛЫШ (solsala) — шакардуулар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бир жылдык чөп, бадалча ж-а бадал. Жалбырактары ичке, калың. Гүлдөрү 2 жыныстуу, бирден же бир нечеден жалбырагынын колтугунда жайгашкан. Гүл коргону 5 мүчөлүү. Бул урууга 120га жакын түр кирет.



А. Бебель.



Т. Бегелдинов.



Д. Бедный.

СССРде 80, Кырг-ида 19 түрү өсөт. Б.— мал үчүн кышкысын жакшы тоют. Жерг. эл Б-ты отун катары да пайдаланат.

БАЯН (болжол б-ча, байыркы орус шайыры Баян же Бояндын атынан) — пневматика тилдүү, топчулуу муз. аспап, хроматикалык (к. *Хроматизм)* гармоника. Өркүндөтүлгөн төрт катарлуу хроматикалык гармоникага уста П. Е. Стерлигов, кыякчы Я. Ф. Орланский Б. деп (1907) ат коюшкан. 20-к-дын башында Россияда В. П. Хегстрем, Н. З. Синицкийлер да Б. жасоонун чеберлери болгон. Азыр биздин өлкөдө көп сандаган баянчылар ансамблдери бар. Кырг-ндын бир катар муз. окуу жайларында Б. тартуу сабагы өтүлөт, атайын кадрлар даярдалат.

БАЯНДООЧ — ээнин аракетин, абалын, ким, эмнелигин, сын ж-а санын, претин ж. б. ар түрдүү кырдаалдарын баяндап турган сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бири. Ал граммат. жактан ээге багынат да, ошого жараша аны жак, сан, түр жагынан ээрчийт. Б-тук милдетти ар түрдүү сөз түркүмдөрү аткарат. Б. составына карата жөнөкөй, тутумдаш; өзүнүн милдетин кайсы сөз түркүмү аткарып тургандыгына карата атоочтук Б., этиштик Б. болуп бөлүнөт.

БАЯСТАН — Ош обл-ныи Ала-Бука р-нундагы Ак-Коргон сельсоветине караштуу кыштак. «Октябрь» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Ала-Букадан 25 *км* түш.-чыг. таранта, Наманган т. ж. станциясынан 55 *км*. Калкы 1885 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

«БАЯСТАН-СУЛТАН» — Кырг-ндын түштүгүндө кеңири тараган элдик поэма. Бул лироэпикалык поэманын сюжети жөө жомок ж-а легенда түрүндө да айтылат. Өзүнчө обону, күүсү бар. Бул жагынан белгилүү «Мактым сулуу», «Мырза уул менен Ак Саткын» поэмаларына окшош. Сюжеттик мотивдери «Жаныш-Байыш» ж-а «Жалайыр жалгыз» поэмаларына жакын. Поэмада агалы-ини Баястан м-н Султандын сыртқы баскынчыларга каршы күрөшү, трагедиялуу турмушу баяндалат. Сюжеттик коллизиялардын курчтугуна караганда, чыгарма кыргыз элинин чет элдик басып алуучуларга каршы күрөшүнөн кийин пайда болгон сыяктанат. К. *Мифтаков* 1947-ж. Ноокат р-нунда жашоочу Курбанов Султандан бул поэманын жомок түрүндөгү вариантын жазып алган. Түшүндүрмөсүндө К. Мифтаков поэманы кыскартып жазганын, анын кызыктуу, көлөмдүү экенин эскертет. Поэма жарыялана элек.

БЕБЕЛЬ Август (22. 2. 1840—13. 8. 1913) — герман ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери, герман с.-д-тиясын ж-а 2-Интернационалды түзүүчүлөрдүн ж-а жетекчилеринин бири. Кесиби б-ча токарь. Пруссиялык кедей унтер-офицердин үй-бүлөсүндө туулган. Жумушчу кыймылына катышуу, соц. ад-ттын айдыңы ж-а В. Либкнехт м-н таанышуусу Б-ге либералдык демократизмден рев-чыл демократизмге, андан марксизмге өтүүгө жардам берди. Б. 27 жашында Түн. Герм. союзунун рейхстагына шайланат. Парламентте согуш кредитине каршы добуш бергендиги, Париж Коммунасын жактагандыгы ж-а кийин сотто өкмөттүн басып алуучу саясатын ашкерелегендиги үчүн бир нече жолу камакка алынып, жалпысынан 6 жыл түрмөдө олтурган. Б. милитаризмге ж-а согушка каршы тайманбай күрөшкөн. Ал аялдарды бурж. коомдун кишенинен бошотуу күрөшүндө туу көтөргөн. Диндин чыгышынын социалдык-экон. негизин ж-а анын таасирин жеңүүнүн жолдорун көрсөтүүгө көп көңүл бурган. Марксизм-ленинизмдин классиктери Б-дин ишмердигин жогору баалашкан, ошону м-н бирге ага өз катасын ондоого жардам беришкен. Немец эли тынчтык ж-а демократия үчүн күрөшүндө Б-дин рев-чыл мыкты традицияларын улантууда.

Чыг.: Профессиональное движение и политические партии, М., 1925; Из моей жизни, М., 1963; Женщина и социализм, М., 1959; Христианство и социализм, М., 1959.
Ад.: Маркс К. и Энгельс Ф., [Письма к А. Бебелю], Соч., 2 изд., т. 34—39 (Указатель имен); Ленин В. И., Август Бебель, Чыг., кырг. бас., 19-т.

БЕГЕЛДИНОВ Талгат Якубекович (1922-ж. т., Фрунзе ш.) — эки жолу Сов. Союз Баатыры (1944, 1945), авиациянын отставкадагы подполковниги. 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Улуту — казак, жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Б-дун учкучтук шыгы жаш кезинен ойгонот. Фрунзедеги аэроклубдан окуган. 1940-ж. ыктыяры м-н Сов. Армияга кирет. 1942-ж. Чкалов атн. аскердик авиациялык мектепти бүтүрүп, 19 жашында согуштук самолётту башкарууга укук алган. 1943-ж. январда 144-гвард. авиац. полк м-н Калинин фронтунда согушка катышып, он жолку жеңиштүү учушу үчүн 1943-ж. апрелде 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени м-н сыйланган. 1943-ж. жазында Б. өз полку м-н Воронеж фронтунда фашисттерге кыйраткыч сокку уруп, абадагы чаалыкпас «мергенчи» атагылашууларындагы эрдиги үчүн Кызыл Туу орденин экинчи жолу алат. Укр. үчүн болгон салгылашууларда, Молдавияны бошотууда өзгөчө эр-диктерди көрсөткөн. 1944-ж. ал эскадрильяга командалык кылган. Б. согушта 155 жолу учуп, душманды олуттуу жоготууларга учураткандыгы үчүн ал 1944-ж. 26-октябрда Сов. Союз. Баатыры болот. Б-дун эскадрильясы 520 жолу ийгиликтүү учуп, полкто 1-орунду ээлеген. Б. Улуу Ата Мек. согушта катардагы учкучтан полктун командирине чейинки жоокерлик жолду басып өттү. 300дөн ашуун учкан эрдиги үчүн Б. 1945-ж. 27-июндда экинчи жолу Сов. Союз Баатыры болот. Б. 1950-ж. Авиация академиясын бүтүрүп, полктун командирининн орун басары, штабдын начальниги болуп иштейт. СССР Жог. Сов. 2—3-шайл. депутаты. 2 Ленин ордени, 2 Кызыл Туу, 1—2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, Кызыл Жылдыз, 3-дараж. Даңк ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Б. «305 рейдов» (Фр., 1966), «ИЛы атакуют». «Асмандагы беттешүү» (А.-Ата, 1966, 1967) мемуарлардын автору.

БЕГЕМОТТОР (Hippopotamidae)—кеңшебоочулар түркүмчөсүндөгү ача туяктуулар тукуму. Б-дун бирден түрү бар 2 уруусу белгилүү. Кадимки Б. (Hippopotamus amphibius) чөп жечү ири айбан. Денесинин уз. 4,5 *м*, салм. 3—4,5 *т*, териси такыр, башы чоң, көздөрү кичине, кулагы кыска, буттары жоон, манжаларынын кичине сүзгүч жаргакчалары бар. Б. топтошуп жашап, суу өсүмдүктөрү м-н азыктанат. Жалкы түүйт. Либерия же кидик Б. (Choeropsis liberiensis) кадимки Б-дон кичине, кыска (денесинин уз. 1,5—1,75 *м*, бийикт. 1 *м*, салм. 160—240 *кг*). Тропик токойлорунда сууга жакын жерлерде жашап, өсүмдүктөрдүн жемиштери м-н тамырларын жейт.

БЕГОНИЯ (Begonia) — бегония тукумундагы ширелүү өсүмдүк. Б-нын бадал, жарым бадал ж-а чөп сымал түрү бар. Гүлү бир жыныстуу, бир үйлүү, айрым аргын гүлүнүн диаметри 20—30 *см* ге жетет. Мекени — Түш. Америка ж-а Африка. Б. көбүнчө кооз өсүмдүк катары өстүрүлөт. Кырг. ССР ИАнын Ботан. багында Б-нын креднер, марта, бисмарк сорттору бар.

БЕДА Леонид Игнатьевич (16. 8. 1920-ж. т., Кустанай обл., Н. Покровка с.) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (26. 10. 1944 ж-а 29. 6. 1945), авиациянын ген.-майору (1960). 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. 1940-жылдан Сов. Армияда. Чкаловдогу аскердик авиац. мектепти (1942) бүтүргөн.

Улуу Ата Мек. согушта учкуч, согуштун акырында 75-гвард. штурмачоочу авиаполктун командиринин жардамчысы. Б. 200 жолу учуп, душман м-н салгылашкан. Согуштан кийин Жог. офицердик учуу-тактикалык мектепти (1945), Аскердик-аба академиясын (1950) ж-а Генштабдын Аскердик академиясын (1957) бүтүргөн. 4 Ленин ордени, 4 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский ж-а Кызыл Жылдыз ордендери м-н сыйланган.

БЕДЕ (Medicagol) — чанактуулар тукумундагы көп же бир жылдык өсүмдүк. Анын 50дөй түрү белгилүү. СССРдеги 36 түрдүн 20сы көп жылдык, 16сы бир жылдык. Б. көп сабактуу, бийикт. 70—90 *см*, кээде 150 *см* ж-а андан ашык. Жалбырагы үч ача, прети м-н жайгашат, түрүнө жараша гүлү көгүш, кара көк, сары ж. б. Б. ар түрдүү чанактап, бир канча урук байлайт. Уруусу майда, 8—10°С жылуулукта 7—8 күндөн кийин өнүп чыгат. Б. өсөктөн тамырлайт да, жерге 5—10 *м* ден ашуун тереңдеп кетет. Эки-үч жылдык бедени бузганда, 1 *га* аянтта 60—100 *ц* тамыры калат, бул (азот жагынан) 30—40 *т* кык чачканга барабар келет. О. Азия м-н Кавказдын аймагында ар түрдүү айдама ж-а жапайы Б. арбын өсөт. Мындан 5 миң жылча мурда эле О. Азия м-н Закавказьеде жашаган эл Б. эгип, аны малга тоют кылганы маалым. Ал баалуу биол. касиетине, чарб. маанисине жараша бардык жерге кеңири таралган. СССРде Б-нин 200дөн ашуун сорту эгилет, гектарынан сугат жерде 100—150 *ц*, кайракта 20—50 *ц* түшүм алынат. Кырг-нда Б. бир нече жолу чабылат. Ал көк, чыктуу ж-а кесек тоют катары пайдаланылат, аны мал сонуркап жейт. Зыянкечтери: беде кенеси, *беде шиш тумшугу* ж. б. Илдеттери: чаңгыл кебер, аскохитоз ж. б. Сары чырмоок бедеге чоң зыян келтирет.

БЕДЕ ШИШ ТУМШУГУ (Otiorrhynchus ligustici) — шиш тумшуктуулар тукумуна кирүүчү коңуз. Европа, Азияда, СССРдин европ. бөлүгүнүн талаа аймактарында кездешет. Түлкү боюнун уз. 9—12 *мм;* өңү кара, курту ак саргыл. Ал топуракта кыштап, жазгысын өсүмдүктөрдүн жалбырагы м-н азыктанат. Көбүнчө беде, үй беде, эспарцет, буурчак, жасмык, соя, кант кызылчасы ж. б. өсүмдүктөргө зыян келтирет. Андан сактануу чаралары: өнүп чыккан өсүмдүккө инсектициддерди бүркүү, коңуз кыштаган аянтты жаз алды м-н айдап салуу; бедени тез жыйнап, экинчи чабыгын гана үрөнгө пайдалануу.

БЕДЕ ЫЛАҢЫ — жылбырска же үй бедеси күн ачыкта мал оттогондо, күн нурунун кесепетинен тийген дарт. Ылаңдаган малдын терисинин пигментсиз, ак жүндүү же такыр жери сезгенип, шишип кетет. Шишиктин үстү кээде ирикпектенип, сары суу чыпылдан турат. Ак козулардын, улактардын кээсинин кулагы чирип түшөт. Дарт оорураак болсо, кай бир учурда ургундай жылкыны өлүмгө дуушар кылат. Мындан сактануу үчүн дарттын биринчи эле белгилери шек бергенде, үй беделүү шалбаага мал жаюуну же чабынды чөбүн берүүнү токтотуп, шектүүлөрүн көлөкөгө байлап, терисинин пигментсиз жерине майлуу көө шыбалат.

БЕДЕЛ — Какшаал кырка тоосундагы ашуу, Суук-Кыр ж-а Кара-Бел тоолорунун аралыгында. Бийикт. 4284 *м*. Бедел суусунун сол куймасы Ыштык Ак-Шыйрактын алабы) ушул ашуудан башталат. Б-де жыл бою моцгү-кар жатат. Ашуунун мойногу корумдуу, кумдуу келет. Белде палеозой заманынын аягында пайда болгон чулу тоо тектери чыгып турат, айланасы аска-зоокалуу.

БЕДИЛЬ Мырза Абдулкадыр (1644—1721) — иран-тажик акыны, философ ж-а ойчул. Бенгалияда аскер кызматкеринин үй-бүлөсүндө туулган. Фарсы тилинде жазган. Б-дин поэтикалык (200 миң сапка жакын ыр) ж-а прозалык бай мурас калган. Анын негизги чыг-лары: «Таң калаарлык тумар» (1669), «Улуу океан» (1681), «Төрт элемент», «Комде жана Модан» (поэма). Б. о. кылымдагы Чыгыштын филос. ой-пикиринин, ад-тынын өнүгүшүнө таасир тийгизген. Суфисттик мистицизмдин духунда жазылган чыг-ларында социалдык теңсиздикке, индия элдеринин касталык бөлүгө каршы чыккан. Ал идеализмдин чегинен чыга албаса да, дүйнөнүн биримдигин таанын, андагы болуп жаткан бардык көрүнүштөрдү, кубулуштарды табигый процесс деп билген. Өлүм ж-дегү диний көз карашты танып, «өлүм— жок болуу, ал эми жок болуу — жаңы перселердин, буюмдардын пайда болушу» деген. Анын чыг-лары О. Азия өлдеринде да кеңири маалым болгон.

Чыг.: Комде и Модан, М., 1955.
Ад.: Айни Х. С., Бидель и его поэма «Ирфон», Душ., 1956; Муминов И., Философские взгляды Мирзы Биделя, Таш., 1957.

БЕДЛЕНД, бэдленд (англ. bad lands — жаман жер) — салаалаңган аң-дөңдүү рельеф; өтүүгө кыйын, дыйканчылыкка жараксыз жерлер. Негизинен жердин чополуу катмарларын нөшөрлөп жааган жамгырдын жуун кетишинен пайда болот. Көбүнчө жарым чөлдүү ж-а тоо арасында каксоо райондордо көп. Б. жерди туура пайдаланбагандыктан, талаа ж-а токойлуу талаа зоналарында да пайда болот. О. Азия ж-а Казакстанда көп. Кырг-нда Ат-Башы, Ысык-Көл (батышы), Нарын (Байгончок, Ак-Тал) өрөөндөрүндө, Фергана өрөөнүнүн тоо этектеринде бар.

«БЕДНОТА» — дыйкандардын күндөлүк газетасы, ВКП(б) БКнын органы. «Деревенская беднота», «Деревенская правда», «Солдатская правда» деген газеталардын ордуна 1918-ж. 27-марттан 1931-ж. 31-январга чейин Москвада чыгарылып турган. Гражд. согуштун убагында «Б.» эмгекчилерди ак гвардиячыларга, интервенттерге каршы күрөшкө үндөп, жумушчу табы м-н дыйкандардын союзун чыңдоодо, айыл-кыштакта Компартиянын саясатын жүзөгө ашырууда чоң роль ойноду. «Б.» өлкөнү индустриялаштырууда ж-а а. ч-сын коллективдештирүүдө, партия м-н Совет өкмөтүнүн чараларын колдоп, айыл-кыштактын мад-тын жогорулатууда, айылдык кабарчыларды тарбиялоодо маанилүү роль ойногон. «Б.» 1931-ж. февралда «Социалистическое земледелие» газетасы м-н кошулган.

БЕДНЫЙ Демьян [чыныгы аты-жөнү — Ефим Алексеевич Придворов; 1 (13). 4. 1883—25. 5. 1945] — орус совет акыны, поэзиядагы соц. реализм методун негиздөөчүлөрдүн бири, коомдук ишмер. 1912-жылдан Компартиянын мүчөсү. Б-дын алгачкы ырлары 1899-ж. «Киевское слово» газетасына жарыяланган. 1909—10-ж. демокр. багыттагы ырлар жазган. 1911-ж. большевиктик «Звезда» газетасына жакындашкан. 1912-жылдан «Правда» газетасына активдүү катышкан. 1913-ж. анын «Тамсилдер» аттуу алгачкы жыйнагы чыккан. «Жер, эрк, үлүш тууралуу» (1917) поэмасында массанын рев-чыл аң-сезимининн өсөнү көрсөтүлөт. «Башкы көчө» (1922) поэмасында рев-яга аттанган элдин образын түзгөн. 20-жылдардагы адабий күрөштө Б. ад-ттын партиялуулук ж-а элдүүлүк позициясын жактаган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде «Мен элиме ишенем» аттуу ыр м-н повесть жазган. Б-дын чыг-ларынын ийгиликтери м-н мүчүлүш жактарына В. И. Ленин өз баасын берген. Ленин ордени ж-а Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Анын айрым поэтикалык чыг-ларын кыргыз тилине которулган.

Ад.: Макаров А., Демьян Бедный, М., 1964.

БЕЗ ТКАНДАРЫ (өсүмдүктөрдө) — суюк абалдагы түрдүү заттарды бөлүп чыгаруучу бир жө көп клеткалардан турган түзүлүштөр. Алар өсүмдүктөрдүн бардык органдарында болот да, заттарды ичине ж-а сыртка бөлүп чыгарат. Ички секрециялуу Б. т-на идиобласттар (без клеткалары), сүт түтүкчөлөрү, беттери без клеткаларынан турган чайыр, эфир май түтүкчөлөрү кирет. Алар түюк болгондуктан, бөлүп чыгарган заттарынын жыйналуучу жайы болуп да кызмат аткарат. Сырткы мех. таасирлерден бузулганда гана булардагы заттар сыртка чыгат. Мис., тилинген жеринен аппийим сүтүнүн, каучуктун сыртка чыгышы. Сырткы Б. т-на нектарниктер, гидатоддор, тамак сиңирүү бездери, эфир майларын, чайырды, былжырды бөлүп чыгаруучу эпидермисте ж-а анын алдындагы клеткалардын катмарларындагы



А. Бебель.



Т. Бегелдинов.



Д. Бедный.

СССРде 80, Кырг-нда 19 түрү өсөт. Б.— мал үчүн кышкысын жакшы тоют. Жерг. эл Б-ты отун катары да пайдаланат.

БАЯН (болжол б-ча, байыркы орус шайыры Баян же Бояндын атынан) — пневматика тилдүү, топчулуу муз. аспап, хроматикалык (к. *Хроматизм)* гармоника. Өркүндөтүлгөн төрт катарлуу хроматикалык гармоникага уста П. Е. Стерлигов, кыякчы Я. Ф. Орланский Б. деп (1907) ат коюшкан. 20-к-дын башында Россияда В. П. Хегстрем, Н. З. Синицкийлер да Б. жасоонун чеберлери болгон. Азыр биздин өлкөдө көп сандаган баянчылар ансамблдери бар. Кырг-ндын бир катар муз. окуу жайларында Б. тартуу сабагы өтүлөт, атайын кадрлар даярдалат.

БАЯНДООЧ — ээнин аракетин, абалын, ким, эмнелигин, сын ж-а санын, претин ж. б. ар түрдүү кырдаалдарын баяндап турган сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бири. Ал граммат. жактан ээге багынат да, ошого жараша аны жак, сан, түр жагынан аэрчийт. Б-тук милдетти ар түрдүү сөз түркүмдөрү аткарат. Б. составына карата жөнөкөй, тутумдан; өзүнүн милдетин кайсы сөз түркүмү аткарып тургандыгына карата атоочтук Б., этиштик Б. болуп бөлүнөт.

БАЯСТАН — Ош обл-ныи Ала-Бука р-нундагы Ак-Коргон сельсоветине караштуу кыштак. «Октябрь» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Ала-Букадан 25 *км* түш.-чыг. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 55 *км*. Калкы 1885 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

«БАЯСТАН-СУЛТАН» — Кырг-ндын түштүгүндө кеңири тараган элдик поэма. Бул лироэпикалык поэманын сюжети жөө жомок ж-а легенда түрүндө да айтылат. Өзүнчө обону, күүсү бар. Бул жагынан белгилүү «Мактым сулуу», «Мырза уул менен Ак Саткын» поэмаларына окшош. Сюжеттик мотивдери «Жаныш-Байыш» ж-а «Жалайыр жалгыз» поэмаларына жакын. Поэмада агалы-ини Баястан м-н Султандын сыртқы баскынчыларга каршы күрөшү, трагедиялуу турмушу баяндалат. Сюжеттик коллизиялардын курчтугуна караганда, чыгарма кыргыз элинин чет өлдик басып алуучуларга каршы күрөшүнөн кийин пайда болгон сыяктанат. К. *Мифтаков* 1947-ж. Ноокат р-нунда жашоочу Курбанов Султандан бул поэманын жомок түрүндөгү вариантын жазып алган. Түшүндүрмөсүндө К. Мифтаков поэманы кыскартып жазганын, анын кыскыктуу, көлөмдүү экенин эскертет. Поэма жарыялана элек.

БЕБЕЛЬ Август (22. 2. 1840—13. 8. 1913) — герман ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери, герман с.-д-тиясын ж-а 2-Интернационалды түзүүчүлөрдүн ж-а жетекчилеринин бири. Кесиби б-ча токарь. Пруссиялык кедей унтер-офицердин үй-бүлөсүндө туулган. Жумушчу кыймылына катышуу, соц. ад-ттын айдыңы ж-а В. Либкнехт м-н таанышуы Б-ге либералдык демократизмден рев-чыл демократизмге, андан марксизмге өтүүгө жардам берди. Б. 27 жашында Түн. Герм. союзунун рейхстагына шайланат. Парламентте согуш кредитине каршы добуш бергендиги, Париж Коммунасын жактагандыгы ж-а кийин сотто өкмөттүн басып алуучу саясатын ашкерелегендиги үчүн бир нече жолу камакка алынып, жалпысынан 6 жыл түрмөдө олтурган. Б. милитаризмге ж-а согушка каршы тайманбай күрөшкөн. Ал аялдарды бурж. коомдун кишенинен бошотуу күрөшүндө туу көтөргөн. Диндин чыгышынын социалдык-экон. негизин ж-а анын таасирин жеңүүнүн жолдорун көрсөтүүгө көп көңүл бурган. Марксизм-ленинизмдин классиктери Б-дин пикирлерин жогору баалашкан, ошону м-н бирге ага өз катасын оңдоого жардам беришкен. Немец өли тынчтык ж-а демократия үчүн күрөшүндө Б-дин революциялык традицияларын улантууда.

Чыг.: Профессиональное движение и политические партии, М., 1925; Из моей жизни, М., 1963; Женщина и социализм, М., 1959; Христианство и социализм, М., 1959.

Ад.: Маркс К. и Энгельс Ф., [Письма к А. Бебелю], Соч., 2 изд., т. 34—39 (Указатель имен); Ленин В. И., Август Бебель, Чыг., кырг. бас., 19-т.

БЕГЕЛДИНОВ Талгат Якубекович (1922-ж. т., Фрунзе ш.) — эки жолу Сов. Союз Баатыры (1944, 1945), авиациянын отставкадагы подполковниги. 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Улуту — казак, жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Б-дун учкучтук шыгы жаш кезинен ойгонот. Фрунзедеги аэроклубдан окуган. 1940-ж. ыктыяры м-н Сов. Армияга кирет. 1942-ж. Чкалов атн. аскердик авиациялык мектепти бүтүрүп, 19 жашында согуштук самолётту башкарууга укук алган. 1943-ж. январда 144-гвард. авиац. полк м-н Калинин фронтунда согушка катышып, он жолку жеңиштүү учуу үчүн 1943-ж. апрелде 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ордени м-н сыйланган. 1943-ж. жазында Б. өз полку м-н Воронеж фронтунда фашисттерге кыйраткыч сокку уруп, абадагы чаалыкпас «мергенчи» атагылашууларындагы эрдиги үчүн Кы-Укр. үчүн болгон салгылашууларда, Молдавияны бошотууда өзгөчө эркадрильяга командалык кылган. Б. согушта 155 жолу учуп, душманды олуттуу жоготууларга учуратканды үчүн ал 1944-ж. 26-октябрда Сов. Союз. Баатыры болот. Б-дун эскадрильясы 520 жолу пийликтүү учуп, полкто 1-орунду эзелеген. Б. Улуу Ата Мек. согушта катардагы учкучтан полктун командирине чейинки жоокерлик жолду басып өттү. 300дөн ашуун учкан эрдиги үчүн Б. 1945-ж. 27-июндда экинчи жолу Сов. Союз Баатыры болот. Б. 1950-ж. Авиация академиясын бүтүрүп, полктун командирининн орун басары, штабдын начальниги болуп иштейт. СССР Жог. Сов. 2—3-шайл. депутаты. 2 Ленин ордени, 2 Кызыл Туу, 1—2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, Кызыл Жылдыз, 3-дараж. Даңк ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Б. «305 рейдов» (Фр., 1966), «ИЛы атакуют», «Асмандагы беттешүү» (А.-Ата, 1966, 1967) мемуарлардын автору.

БЕГЕМОТТОР (Hippopotamidae)—кепшебоочулар түркүмчөсүндөгү ача туяктуулар тукуму. Б-дун бирден түрү бар 2 уруусу белгилүү. Кадимки Б. (Hippopotamus amphibius) чөп жечү ири айбан. Денесинин уз. 4,5 *м*, салм. 3—4,5 *т*, териси такыр, башы чоң, көздөрү кичине, кулагы кыска, буттары жоон, манжаларынын кичине сүзгүч жаргачалары бар. Б. топтошуп жашап, суу өсүмдүктөрү м-н азыктанат. Жалкы түйт. Либерия же кидик Б. (Choeropsis liberiensis) кадимки Б-дон кичине, кыска (денесинин уз. 1,5—1,75 *м*, бийикт. 1 *м*, салм. 160—240 *кг*). Тропик токойлорунда сууга жакын жерлерде жашап, өсүмдүктөрдүн жемиштери м-н тамырларын жейт.

БЕГОНИЯ (Begonia) — бегония тукумундагы ширелүү өсүмдүк. Б-ның бадал, жарым бадал ж-а чөп сымал түрү бар. Гүлү бир жыныстуу, бир үйлүү, айрым аргын гүлүнүн диаметри 20—30 *см* ге жетет. Мекени — Түш. Америка ж-а Африка. Б. көбүнчө кооз өсүмдүк катары өстүрүлөт. Кырг. ССР ИАнын Ботан. багында Б-ның креднер, марта, бисмарк сорттору бар.

БЕДА Леонид Игнатьевич (16. 8. 1920-ж. т., Кустанай обл., Н. Покровка с.) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (26. 10. 1944 ж-а 29. 6. 1945), авиациянын ген.-майору (1960). 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. 1940-жылдан Сов. Армияда. Чкаловдогу аскердик авиац. мектепти (1942) бүтүргөн.

Улуу Ата Мек. согушта учкуч, согуштун акырында 75-гвард. штурмачоочу авиаполктун командиринин жардамчысы. Б. 200 жолу учуп, душман м-н салгылашкан. Согуштан кийин Жог. офицердик учуу-тактикалык мектепти (1945), Аскердик-аба академиясын (1950) ж-а Генштабдын Аскердик академиясын (1957) бүтүргөн. 4 Ленин ордени, 4 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский ж-а Кызыл Жылдыз ордендери м-н сыйланган.

БЕДЕ (Medicagol) — чанактуулар тукумундагы көп жө бир жылдык өсүмдүк. Анын 50дөй түрү белгилүү. СССРдеги 36 түрдүн 20сы көп жылдык, 16сы бир жылдык. Б. көп сабактуу, бийикт. 70—90 *см*, кээде 150 *см* ж-а андан ашык. Жалбырагы үч ача, ирети м-н жайгашат, түрүнө жараша гүлү көгүш, кара көк, сары ж. б. Б. ар түрдүү чанактан, бир канча урук байлайт. Урулу майда, 8—10°С жылуулукта 7—8 күндөн кийин өнүп чыгат. Б. өсөктөн тамырлайт да, жерге 5—10 *м* ден ашуун тереңден кетет. Эки-үч жылдык бедени бузганда, 1 *га* аянтта 60—100 *ц* тамыры калат, бул (азот жагынан) 30—40 *т* кык чачканга барабар келет. О. Азия м-н Кавказдын аймагында ар түрдүү айдама ж-а жапайы Б. арбын өсөт. Мындан 5 миң жылча мурда эле О. Азия м-н Закавказьеде жашаган эл Б. эгип, аны малга тоют кылганы маалым. Ал баалуу биол. касиетине, чарб. мааниспне жараша бардык жерге кеңири таралган. СССРде Б-нин 200дөн ашуун сорту эгилет, гектарынан сугат жерде 100—150 *ц*, кайракта 20—50 *ц* түшүм алынат. Кырг-нда Б. бир нече жолу чабылат. Ал көк, чыктуу ж-а кесек тоют катары пайдаланылат, аны мал соңуркап жейт. Зыянкечтери: беде кенеси, *беде шиш тумшугу* ж. б. Илдеттери: чаңгыл кебер, аскохитоз ж. б. Сары чырмоок бедеге чоң зыян келтирет.

БЕДЕ ШИШ ТУМШУГУ (Otiorrhynchus ligustici) — шиш тумшуктуулар тукумуна кирүүчү коңуз. Европа, Азияда, СССРдин европ. бөлүгүнүн талаа аймактарында кездешет. Түлкү боюнун уз. 9—12 *мм;* өңү кара, курту ак саргыл. Ал топуракта кыштап, жазгысын өсүмдүктердүн жалбырагы м-н азыктанат. Көбүнчө беде, үй беде, эспарцет, буурчак, жасмык, соя, кант кызылчасы ж. б. өсүмдүктөргө зыян келтирет. Андан сактануу чаралары: өңүн чыккан өсүмдүккө инсектициддерди бүркүү, коңуз кыштаган алгачы жаз алды м-н айдап салуу; бедени тез жыйнап, экинчи чабыгын гана үрөнгө пайдалануу.

БЕДЕ ЫЛАҢЫ — жылбырска же үй бедени күн ачыкта мал оттогондо, күн нурунун кесепетинен тийген дарт. Ыландаган малдын терисинин пигментсиз, ак жүндүү же такыр жери сезгенип, шишип кетет. Шишиктин үстү кээде ысыркектенип, сары суу чыпылдан турат. Ак козулардын, улактардын кээнинин кулагы чирип түшөт. Дарт оорураак болсо, кай бир учурда ургундай жылкыны өлүмгө дуушар кылат. Мындан сактануу үчүн дарттын биринчи эле белгилери шек бергенде, үй беделүү шалбаага мал жаюуну же чабунды чөбүн берүүнү токтотуп, шектүүлөрүн көлөкөгө байлап, терисинин пигментсиз жерине майлуу көө шыбалат.

БЕДЕЛ — Какшаал кырка тоосундагы ашуу, Суук-Кыр ж-а Кара-Бел тоолорунун аралыгында. Бийикт. 4284 *м*. Бедел суусунун сол куймасы Ыштык Ак-Шыйрактын алабы) ушул ашуудан башталат. Б-де жыл бою моцгү-кар жатат. Ашуунун мойногу корумдуу, кумдуу келет. Белде палеозой заманынын аягында пайда болгон чулу тоо тектери чыгып турат, айланасы аска-зоокалуу.

БЕДИЛЬ Мырза Абдулкадыр (1644—1721) — иран-тажик акыны, философ ж-а ойчул. Бенгалияда аскер кызматкеринин үй-бүлөсүндө туулган. Фарсы тилинде жазган. Б-ден поэтикалык (200 миң сапка жакын ыр) ж-а прозалык бай мурас калган. Анын негизги чыг-лары: «Таң калаарлык тумар» (1669), «Улуу океан» (1681), «Төрт элемент», «Комде жана Модан» (поэма). Б. о. кылымдагы Чыгыштын филос. ой-пикирinin, ад-тынын өнүгүшүнө таасир тийгизген. Суфисттик мистицизмдин духунда жазылган чыг-ларында социалдык теңсиздикке, индия элдерин касталык бөлүүгө каршы чыккан. Ал идеализмдин чегинен чыга албаса да, дүйнөнүн биримдигин таанын, андагы болуп жаткан бардык көрүнүштөрдү, кубулуштарды табигый процесс деп билген. Өлүм ж-дөгү диний көз карашты танын, «өлүм— жок болуу, ал эми жок болуу — жаңы перселердин, буюмдардын пайда болушу» деген. Анын чыг-лары О. Азия элдерине да кеңири маалым болгон.

Чыг.: Комде и Модан, М., 1955.

Ад.: Айни Х. С., Бидель и его поэма «Ирфон», Душ., 1956; Муминов И., Философские взгляды Мирзы Биделя, Таш., 1957.

БЕДЛЕНД, бэдленд (англ. badlands — жаман жер) — салаалангап ач-дөңдүү рельеф; өтүүгө кыйын, дыйканчылыкка жараксыз жерлер. Негизинен жердин чополуу катмарларын нөшөрлөп жааган жамгырдын көчүүп кетишинен пайда болот. Көбүнчө жарым чөлдүү ж-а тоо арасында каксоо райондордо көп. Б. жерди туура пайдаланбагандыктан, талаа ж-а токойлуу талаа зоналарында да пайда болот. О. Азия ж-а Казакда көп. Кырг-нда Ат-Башы, Ысык-Көл (батышы), Нарын (Байгончок, Ак-Тал) өрөөндөрүндө, Фергана өрөөнүнүн тоо этектеринде бар.

«БЕДНОТА» — дыйкандардын күндөлүк газетасы, ВКП(б) БКнын органы. «Деревенская беднота», «Деревенская правда», «Солдатская правда» деген газеталардын ордуна 1918-ж. 27-мартган 1931-ж. 31-январга чейин Москвада чыгарылып турган. Гражд. согуштун убагында «Б.» эмгекчилерди ак гвардиячыларга, интервенттерге каршы күрөшкө үндөп, жумушчу табы м-н дыйкандардын союзун чыңдоодо, айыл-кыштакта Компартиянын саясатын жүзөгө ашырууда чоң роль ойноду. «Б.» өлкөнү индустриялаштырууда ж-а а. ч-сын коллективдештирүүдө, партия м-н Совет өкмөтүнүн чараларын колдоп, айыл-кыштактын мад-тын жогорулатууда, айылдык кабарчыларды тарбиялоодо маанилүү роль ойногон. «Б.» 1931-ж. февралда «Социалистическое земледелие» газетасы м-н кошулган.

БЕДНЫЙ Демьян [чыныгы аты-жөнү — Ефим Алексеевич Придворов; 1 (13). 4. 1883—25. 5. 1945] — орус совет акыны, поэзиядагы соц. реализм методун негиздөөчүлөрдүн бири, коомдук ишмер. 1912-жылдан Компартиянын мүчөсү. Б-дын алгачкы ырлары 1899-ж. «Киевское слово» газетасына жарыяланган. 1909—10-ж. демокр. багыттагы ырлар жазган. 1911-ж. большевиктик «Звезда» газетасына жакындашкан. 1912-жылдан «Правда» газетасына активдүү катышкан. 1913-ж. анын «Тамсилдер» аттуу алгачкы жыйнагы чыккан. «Жер, эрк, үлүш тууралуу» (1917) поэмасында массанын рев-чыл аң-сезимининн өскөнү көрсөтүлөт. «Башкы кочө» (1922) поэмасында рев-яга аттанган элдин образын түзгөн. 20-жылдардагы адабий күрөштө Б. ад-ттын партиялуулук ж-а элдүүлүк позициясын жактаган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде «Мен элиме ишенем» аттуу ыр м-н повесть жазган. Б-дын чыг-ларынын ийгиликтери м-н мүчүлүш жактарына В. И. Ленин өз баасын берген. Ленин ордени ж-а Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Анын айрым поэтикалык чыг-ларын кыргыз тилине которулган.

Ад.: Макаров А., Демьян Бедный, М., 1964.

БЕЗ ТКАНДАРЫ (өсүмдүктөрдө) — суюк абалдагы түрдүү заттарды бөлүп чыгаруучу бир же көп клеткалардан турган түзүлүштөр. Алар өсүмдүктөрдүн бардык органдарында болот да, заттарды ичине ж-а сыртка бөлүп чыгарат. Ички секрециялуу Б. т-на идиобласттар (без клеткалары), сүт түтүкчөлөрү, беттеги без клеткаларынан турган чайыр, эфир май түтүкчөлөрү кирет. Алар түюк болгондуктан, бөлүп чыгарган заттарынын жыйналуучу жайы болуп да кызмат аткарат. Сыртқы мех. таасирлерден бузулганда гана булардагы заттар сыртка чыгат. Мис., тилинген жеринен аппйим сүтүнүн, каучуктун сыртка чыгышы. Сыртқы Б. т-на нектарниктер, гидатоддор, тамак сиңирүү бездери, эфир майларын, чайырды, былжырды бөлүп чыгаруучу эпидермисте ж-а анын алдындагы клеткалардын катмарларындагы

бир же бир нече клеткадан турган түзүлүштөр кирет. Сырткы Б. т-нын бир түрү — без түктөрү. Тамак сиңирүү бездери курт-кумурска м-н азыктануучу өсүмдүктөрдө болот. Бул бездер тамак сиңирүү ширесин бөлүп чыгарат. Б. т. бөлүп чыгарган заттар: апийим, бальзам, каучук ж. б. турмушта кеңири керектелет.

БЕЗБЕЛДЕК (Tetrax tetrax) — тоодактар түркүмүндөгү куш. Денесинин уз. 40—50 *см.* Салм. 1 *кг.* Жакшы жүгүрүп, бат учат. Түсү чаар, жон жагы саргыч күрөң, мойнунда ак шакекчеси бар. Чалгындары ак. Б. Түн. Африка, Европа ж-а Азияны, СССРди (Каз-н, Бат. Сибирь, О. Азия) мекендейт. Б. шыбактуу талааларда ж-а шалбааларда жашайт. Кырг-ндын Чүй ж-а Талас өрөөндөрүндө кездешет. Апрелде учуп келет да, майда уялап, июлда балапандарын чыгарат. Күзүндө топтолуп, кыштоочу жерлерине кайтат.

«БЕЗБОЖНИК» — 1) СССРдеги Күжүрмөн кудайсыздар союзунун борб. советинин органы; 1922-жылдын декабрынан 1941-жылдын июнуна чейин жумасына бир жолу чыгып турган газета. Анын жооптуу редактору Е. М. Ярославский болгон. Газета динге каршы пропаганданын лениндик принцибин коргоп, СССРдеги дин м-н атеизмдин абалы ж-дө макалаларды, билдирүүлөрдү, көркөм чыгармаларды, карикатураларды кеңири жарыялап турган. Диний догмалардын, ишенимдердин негизсиздигин, дин кызматкерлеринин реакциячыл иш-аракеттерин ашкерелеген. 2) 1925—41-ж. Москвада чыгып турган массалык журнал. 1932-жылдан ал «Безбожник у станка» деген журнал м-н бириктирилген.

БЕЗГЕК — жөнөкөйлүүлөр тибиндеги *безгек чиркейинин* митеси (плазмодий) организмге кирип, көбөйүшүнөн болуучу оор жугуштуу оору. Б-тин козгогучун (плазмодийин) франц. врач А. Лаверан ачкан (1880). И. И. Мечников (1887) оорунун козгогучтарынын жайгашуусун аныктаган. Б-тин күн сайын, күн алыс ж-а 3—4 күндө кайталануучу түрлөрү бар. Б. оорулуу адамдан соо кишиге анофелес чиркейи аркылуу жугат. Б. кармаганда, оорулуу адам чыйрыгып, калтырап, денесинин темп-расы 40—41°ка чейин көтөрүлөт. Кээде башы айланып, кусат. Оорулуу уктап, тердегенден кийин эсине келет. Б. кармабаган убакта оорулуу жумушка жарамдуу. Оорулуу адамдын канынан Б-тин козгогучун тапканда, Б. аныкталат. Дарылоодо акрихин, бигумаль, хинин ж. б. дарылар колдонулат. СССРде Б-ке каршы зор иштер (безгек чиркейинин кыштоочу жерлеринде ДДТ ж-а гексохлоран чачуу, саздарды кургатуу, чиркейдин личинкалары м-н азыктануучу гамбузия балыгын өстүрүү) жүргүзүлүп, Б. оорусу жоюлган.

БЕЗГЕК ПЛАЗМОДИЯСЫ, к. *Плазмодийлер.*

БЕЗГЕК ЧИРКЕЙИ, а н о ф е л е с (Anopheles)—курт-кумурскалар классындагы чиркейлер уруусу. Б. ч-нин ооз органы сайып соруугa ылайыкталган. Буттары денесинен эки эсе узун. Б. ч-нин ургаачысы айбандардын ж-а адамдын канын сорот, эркеги өсүмдүктөрдүн ширеси м-н тамактанат. Жумурткасын нымдуу жерге таштайт. Б. ч-нин бардык өөрчүшү сууда өтөт. Жумурткадан өөрчүп чыккан личинка 4 жолу түлөп, куурчакчага айланат. Б. ч-нин жер шарында 300, СССРде 9 түрү учурайт. Алар безгек мителерин оорулуудан таза адамга жугузат, бирок табигый шарттарда мителерди кадимки, ачык тактуу ж-а камыш чиркейлери таратат. Булардын чагышынан сактаныш үчүн ар түрдүү дарылар, көбүнчө диметилфталат пайдаланылат.

БЕЗДЕР — адамдын ж-а жаныбарлардын организминдеги физиол. иштерге катышуучу өзгөчө затты иштеп чыгаруучу органдар. Өзүнүн продукциясын өткөөлдөр аркылуу денесинин сыртына же былжыр челге чыгаруучу Б-ди — экзокриндик же сырткы секреция Б. деп, алардын бөлүп чыгарган заттары секреттер деп аталат. Өткөөл түтүктөрү жок, иштеп чыккан заттарын (гормондор) канга же лимфага түздөн-түз берүүчү Б. эндокриндик же ички секреция Б. деп аталат. Кээ бир Б. кандагы диссимиляция процессинин акыркы продуктуларын чогултуп, аларды сыртка чыгарат. Ошентип организмди уулануудан сактайт. Аларга бөйрөк, тер ж-а жаш Б. кирет. Булар бөлүп чыгарган заттар экскреттер деп аталат. Көпчүлүк Б. (мис., кулак түп, карын алдындагы) белоктук секреттерди, кээ бир Б. (кызыл өңгөч, жатын) былжырлуу, ал эми гетерокриндик деп аталган Б. бир эле мезгилде белоктук ж-а былжырлуу секрет иштеп чыгарат. Б. бир же көп клеткалуу болот. Көп клеткалуу Б. түтүкчө ж-а альвеолярдык тоголок болуп бөлүнөт, к. *Секреция.*

БЕЗДНА ЧЫГУУСУ (1861)—1861-жылдагы *дыйкандар реформасына* жооп катары Казан губ-дагы дыйкандардын чыгуусу. 1861-ж. апрелде Спасск у-нин Бездна с-да башталып, 10 миңдей адам катышкан. Б. ч. Казан, Симбирск, Самара губ-ларынын 75 селосун ж-а деревнясын кучагына алды. Дыйкан Антон Петровдун таасириндегилер *барщина* милдетин аткаруудан баш тартып, помещиктердин эгинин бөлүп алышкан. 12-апрелде ген.-майор граф А. С. Апраксин командачылык кылган Тарутин полкунун 2 ротасы Безднага чабуул жасады. Согушта 350дөн ашык киши курман болду. Петров 1861-ж. 19-апрелде аскер сотунун өкүмү б-ча атылды.

БЕЗЕТКИ — теридеги май бездеринин ж-а анын түтүкчөлөрүнүн оорусу. Бездер майды арбын иштеп чыгаргандыктан, алардын көңдөйчөлөрү м-н түтүкчөлөрү тосулуп, стафилококктун киришинен кызарып, бүдүрөйүп, түптөнөт да, Б-ни пайда кылат. Б. нерв системасы м-н жыныс бездеринин тез өзгөрүп турганына байланыштуу өспүрүмдөрдө көп кездешет. Б-ни дарылоодо синтомицин эмульсиясы, витамин, ультра кызгылт көк нурлар ж. б. колдонулат.

БЕЗОАРЛАР (фарсча бадзар — жай таш) — жылкы, чочко, ит ж-а кепшөөчү жаныбарлардын ичеги-карынында кыл, жүн, жем-чөптүн тоголоктошуп, катып калышы. Б-дын салмагы кээде 2,5 *кг* га жетет. Мындан ичеги бүтөлүп калса, мал өлөт. Ал узак убакыт кесек тоют берүүдөн, сапатсыз жем-чөптөн, ачка болуп, жүн жештен пайда болот. Мындай учурда малдын тынчы кетип, темп-расы көтөрүлөт, жүрөгү тез кагып, энтигет. Жем-чөптү начар жейт. Профилактикалык чаралар: тоюттандырууну жакшыртуу, операция жасоо.

БЕЗОСТАЯ-1 — буудай сорту. Краснодардагы а. ч. ил. из. ин-тунда безостая-4 гибридинен жекече тандоо м-н чыгарылган. Машагы кылкансыз, даны кызыл, сүйрү, 1000 данынын салм. 36,3—44,5 *г.* Бийикт. 90—100 *см*, жапырылбайт, күбүлбөйт, суукка, ысыкка чыдамдуу. Илдетке көп чалдыкпайт. Вегетация мезгили — 230—327 күн. 1959-ж. райондоштурулуп, кеңири таралууда. Ал өлкөбүздө 9 млн. *га* га жакын аянтка эгилет. Көбүнчө Краснодар, Ставрополь крайлары, Дагстан, Кабардин-Балкар, Калмак, Түн. Осетин, Чечен-Ингуш АССРлери, РСФСРдин көп областтары, Казак ССР ж-а О. Азия респ-каларында өстүрүлөт. Чет өлкөлөрдө да арбын кездешет. Анын ар гектарынан 51—60 *ц* ден, кээде андан да көп түшүм алынат. 1973-ж. Пржевальскидеги мамл. сорт сыноо участогу 95 *ц* ден түшүм алган. Буудайдын дүң түшүмүнүн 41—53%ин дан түзөт. Бул буудайдын наны даамдуу ж-а жагымдуу. Б.-1 респ-кабызда кеңири таралып, 290 миң *га* га жакын аянтка эгилет. Аны селекционерлер жаңы сорт чыгарууда кеңири колдонууда.

БЕЙИТ БЕЛГИ — өлгөн адамды эскерүү үчүн бейит үстүнө коюлган архит. же скульптуралык чыгарма. Б. б. мазмуну ж-а формасы жагынан ар кайсы элде ар түрдүүчө болот. Б. б. (обелиск, мавзолей, бюст же жөн эле плита) түрдүү курулуш материалдарынан жасалат. Сов. архитекторлор ж-а скульпторлор көрүнүктүү мамл. ишмерлерге, окумуштууларга, Ата Мекендин коргоочуларына арнап ар түрлүү Б. б-лерин тургузуп жатышат.

БЕЙИШ — диндик түшүнүктө: дин жолунан чыкпай жүргөндөргө «тигил дүйнөдөн» берилген жыргалчылык,

ыракат жайы имиш. Б. ж-дөгү жомоктор ар түрдүү шартка ылайык чыккан. Мис., ысык жерлерде жашоочулар Б-ти салкын бак түрүндө сүрөттөсө, суук жерде жашоочуларда Б. жылуу жай түрүндө сүрөттөлгөн. Таптык коомго чейинки диндерде Б. ж-дө түшүнүк болгон эмес. Куранда ж-а Тоораттын алгачкы китептеринде Б. эң жакшы, ажайып жай — салкын бак түрүндө сүрөттөлгөн. Таптык коомдун пайда болушу м-н эзүүчүлөр табы өз кызыкчылыктарын коргоп, эмгекчилер массасын «тигил дүйнөдө» жыргайсыңар деп алдоо үчүн Б. ж-дөгү ишенимди пайдаланган. Эксплуататорлордун көздөгөнү адамдарды реалдуу дүйнөдөгү чыныгы жыргалчылыктан кур алакан калтыруу болгон. Социализм шартында Б. реакц. роль ойноп, турмушту коммунисттик духта кайра куруунун милдеттеринен элди алагды кылат. Б. түшүнүгүн ил. түрдө төгүндөө — атеисттик пропаганданын негизги маселелеринин бири.

БЕЙЛИСТИН ИШИ — 1913-ж. Киевде падыша өкмөтү м-н черносотенчилер уюштурган еврей М. Бейлисти (кыш з-дунун приказчиги) соттоо процесси; А. Ющинский деген орус баланы диний ырым-жырым максатында өлтүргөн имиш деген жалаа м-н аны айыпташкан. Баланы чыныгы өлтүргөн кишилерди юстиция министри И. Г. Щегловитов соттон далдалап калган. Рев-чыл кыймыл кайрадан күчөп жаткан кезде, черносотенчилер Б. и-н демокр. күчтөргө чабуул жасоо үчүн пайдалануу максатын көздөшкөн. Орус интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү, чет өлкөлүк прогрессчил ишмерлер Бейлиске коюлган айыптын жалгандыгын ашкерелешкен, эгер Бейлис соттолсо, большевиктер буга байланыштуу иш таштоо уюштурууну белгилешкен. Өкмөттүн ж-а черносотенчилердин кысымына карабастан, присяжный заседателдери Бейлисти акташкан.

БЕЙРУТ — Ливан Респ-касынын борбору. Жер Ортолук деңизинин чыг. жээгиндеги дөңсөөлүү жарым аралда. Калкы 1290 миң (шаар айланасы м-н, 1972). Б.— ири порт, шоссе ж-а т. ж. тоому. Б. аркылуу Жакынкы, О. Чыгыш ж-а Европа өлкөлөрү соода жүргүзүшөт. Б.— өлкөдөгү ө. ж. ж-а соода-финансы борбору. Шаар б. з. ч. 18-к-дан белгилүү. Б-та Ливан мамлекеттик, амер., франц. ж-а араб ун-тери, Улуттук китепкана, амер. ун-тин музейи (археол.) бар.



Бейрут. «Финикия» мейманканасы.

БЕЙТ — Чыгыш поэзиясында касыда, газел, рубаи, месневи сыяктуу жанрдык формаларда колдонулуучу эки саптуу ыр. Б. бири бирине ритмикалык ж-а интонациялык жагынан тыгыз байланышып, эреже катары бүткөн белгилүү ойду, маанини туюнтуп турушу керек. Ушул себептен Б. араб-фарс поэзиясында негизги ритмикалык бирдик болуп эсептелинет.

БЕЙТАРАПТЫК, н е й т р а л и т е т (нем. Neutralität, лат. neuter — бул да, тигил да эмес) э л а р а л ы к у к у к т а — согушка катышпай, согушуп жаткан эки тарапка тең бирдей бейтарап (калыс) позицияда турган мамлекеттин саясий ж-а укуктук абалы; согуш мезгилинде согуштук блокторго катышпоо саясаты. Бейтарап мамлекеттер Б. бузулганда, өзүнүн Б-гын курал колдонуу м-н коргоого укуктуу. Согуштан толук четте турган Б. деген түшүнүк 19-к-да келип чыккан. Бул түшүнүк б-ча, согуш кезиндеги Б. согуштун башталышы м-н күчүнө кирет да, согуш бүткөндө же Б. саясатын жүргүзгөн мамлекет согушка тартылган кезинен тартып күчүн жоготот. Бейтарап өлкөлөрдүн согуш убагындагы мамилелеринин эрежеси Гаага конвенцияларында (1890, 1907), бул өлкөлөрдүн укуктары м-н милдеттеринин аныктамасы демократ-юристтердин эл аралык ассоциациясынын рез-ясында берилген (1960). Импер. мамлекеттер Б. ж-дөгү конвенцияны формалдуу түрдө таанып, иш жүзүндө аны одоно түрдө бузуп келишкен. 1-дүйн. согуш убагында Антанта ж-а Үчтүк союздун өлкөлөрү бейтарап мамлекеттерди өз тарабына тартууга аракет кылып, алардын Б-гын бузган (1914-ж. Бельгия м-н Люксембургдун, 1915-ж. Грециянын Б-гы бузулган). 2-дүйн. согуш убагында фаш. Германия, Норвегия, Дания, Бельгия, Голландия, Люксембургдун Б-гын бузган (1940). Б. саясаты бир мамлекеттин башка мамлекетке зыян келтирүүсү үчүн пайдаланы л г а н. Мис., 2-дүйн. согуш башталып калган шарттарда кээ бир бат. державалары (Франция, Англия, АКШ) Б. деп аталган саясатты бетке кармап, фаш. Германияга жол бергендигин актоого тырышкан. СССР айнымас тынчтык саясатын жүргүзүп, 20—30-жылдарда бир катар мамлекеттер (Турция, Иран, Афг-н, Финляндия, Польша, Франция, Кытай, Германия ж. б.) м-н кол салышпоо ж-а Б. келишимдерин түздү. Б. саясаты айрыкча 2-дүйн. согуштан кийин Азиядагы, Африкадагы, Латын Америкасындагы жаңыдан өз алдынчалыкка жетишкен мамлекеттер тарабынан колдоого арзыды. Б. бир нече түргө бөлүнөт: 1) согуш убагында Б. сактоо; 2) туруктуу Б. абалда болуу; 3) Б. саясатын жүргүзүү; 4) позитивдүү, конструктивдүү ж-а активдүү Б.— колон. эзүүдөн жаңы кутулган Чыгыш ж-а Африка мамлекеттери туткан саясат; мындай Б. социалдык эки системанын тынчтыкта жанаша жашоосунун бир түрү болуп саналат. Тынчтыкты чыңдоо, тынчтыкта жанаша жашоо принциптерин жүзөгө ашыруу, колониализмди толук жоюу үчүн прогрессчил күчтөрдүн күрөшүндө Б. зор мааниге ээ.



Ү. Бейшеев.

БЕЙШЕЕВ Үсөн (10. 10. 1920-ж. т., Нарын обл. Кочкор р-ну, Кочкор кыш.) — Даңк орденинин толук кавалери. 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. 1942-ж. Сов. Армиянын катарына чакырылган. 1943-ж. 3-Украина ж-а 1-Белорусь фронтторунда Донбасс, Украина, Белоруссия ж-а Польшаны бошотууга, Берлинди алууга катышкан. Красный с-су үчүн салгылашууда көрсөткөн эрдиги үчүн 3-дараж. (6. 3. 1944), Головачув ш-ын бошотуудагы баатырлыгы үчүн 2-дараж. (17. 3. 1945), Зееловск бекемделген р-нун алуудагы эрдиги үчүн 1-дараж. (15. 5. 1946) Даңк ордендери м-н сыйланган.

БЕЙШЕКЕ — 10—12-к-да эл отурукташкан жайдын калдыгы. Талас өрөөнүндөгү Бейшеке кыш-да. Эки бөлүктөн турат. Биринчиси тик бурчтуу формада, аянты 160×200 *м.* Коргонуу чеби бар. Экинчи бөлүгү толугу м-н сакталбай калган, аянты болжол м-н 260×270 *м.* Бул дагы чеп м-н курчалган. Түн. тарабынан агып чыккан булак болгон, ал мындагы адамдарды суу м-н камсыз кылган. Б-ге окшогон жайлар о. кылымда Талас өрөөнүндө көп болгон.

БЕЙШЕКЕ — Киров р-пундагы Бейшеке сельсоветине караштуу кыштак. «Бейшеке» к-зунун аймагында. Р-ндун борборунан 16 *км* чыг. тарапта. Маймак т. ж. станциясынан 65 *км*. Калкы 1623 (1973). Орто мектеп, 2 китепкана, клуб, төрөт үйү, медпункт бар.

БЕЙШЕКЕ — Кемин р-пундагы Кара-Булак сельсоветине караштуу кыштак. 22-партсъезд атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Быстровкадан 25 *км* түн. тарапта, Быстровка т. ж. станциясынан 27 *км*. Калкы 959 (1970). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

БЕЙШЕМБАЕВ Кыдыр (1921-ж. т., Жети-Өгүз р-ну, Ак-Өстөн кыш.) — сов. адабиятчы, филол. илимд. доктору (1974). 1954-жылдан КПССтин мүчөсү. КМПИнин тил, ад-т ф-тетин (1947) бүтүргөн. 1948-жылдан Ош МПИде, 1954-жылдан Пржевальск МПИде кыргыз тил ж-а ад-т кафедрасынын ст. окутуучусу, башчысы. 1969—71-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил, ад-т ин-тунун ст. илимий кызматкери, 1971-жылдан кайра ПМПИнин орус ад-ты кафедрасынын доценти. Ал — кыргыз совет ад-тынын өсүш тарыхы ж-а А. Токомбаевдин чыгармалары ж-дө (Көркөм сөздүн чебери, Фр., 1971) бир катар ил. эмгектин автору.

БЕЙШЕНАЛИЕВ Шүкүрбек (1928-ж. т., Ак-Талаа р-ну, Куртка айлы.) — кыргыз совет жазуучусу, драматург, публицист, Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1974). 1950-жылдан КПССтин мүчөсү. Нарындагы пед. окуу жайын (1946), Кыргыз мамл. ун-тин (1952), СССР ЖСтин алдындагы жог. адабий курсту (1962—64) бүтүргөн. СССР ИАнын Кырг-ндагы филиалынын Тил, ад-т ж-а тарых ин-тунда ил. кызматкер (1952—53), «Жаш ленинчи» журналына редактор (1953), Кырг-н ЛКСМ БКнын секретары (1955—56), «Ленинчил жаш» газетасына редактор (1956—59), Кырг-н ЖСтин башкармасынын секретары (1959—66) болуп иштеген. 1968-жылдан Чет өлкөлөр м-н достуктун ж-а маданий байланыштын Кырг-ндагы коомунун президиумунун пред-лине орун басар, аның пред-ли (1973). Алгачкы ырлары 1946-жылдан жарыялана баштаган. 1950-ж. жарыкка чыккан «Чыныгы достук» повести респ-калык конкурста 1-сыйлыкка татыктуу болгон. Б.— «Алкыш» (1953), «Демилге» (1954), «Кычан» (1956), «Ак тайлак», «Карлыгач» (1959), «Таалай жолу» (1-китеби, 1957; 2-китеби, 1962), «Кордун тукуму» (1966), «Солдат махабаты» (1965), «Урпактар үнү» (1969), «Аманат», «Даңкка жараша жүк» (1973) повесттери м-н романдарынын, «Уядан учкандар» (1955), «Бой-доктор» (1959), «Тоо койнундагы гүл» (1961), «Тоо ханшасы» (1962), «Кычан» (1960), «Дос» (1971) пьесаларынын автору. Дүйн. ж-а орус классиктеринин айрым чыг-ларын кыргыз тилине которгон. Б-дин «Кычан», «Мүйүздүү козу», «Карлыгач», «Табышмакчы Чынара», «Ак тайлак», «Ат жалында секелек», «Кордун тукуму» повесттери дүйно элинин ондогон тилдерине которулду. Б. бир нече медалдар м-н сыйланды.

Ад.: Абдраимов Ж., Чыгармаларга ойлор, Фр., 1967; Медербеков Э., 1973-жылдагы кыргыз прозасы, «Ала-Тоо», 1974, № 8; Мотяшов И., Для дружбы и понимания, в кн.: Мастерская доброты, М., 1974; Сулайманов М., Воспитание нового человека, «Детская литература», 1974, № 12.



Б. Бейшеналиева.

БЕЙШЕНАЛИЕВА Бүбүсара (17. 5. 1926, Аламүдүн р-ну, Таш-Төбө, кыш;—10. 5. 1973, Фрунзе) — белгилүү сов. балерина, кыргыз хореографиясын негиздөөчүлөрдүн бири. СССР эл артисти (1958). Дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1936—41-ж. Ленинград хореогр. окуу жайында окуган. 1948—49-ж. ошол эле окуу жайдын өнөр арттыруу классында айтылуу балет педагогу А. Я. Вагановадан таалим алган. 1941-жылдан Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрынын солисти (1946-жылдан башкы солист) 1947-ж. Кыргыз ССР эмг. сиң. артисти; 1954-ж. респ-канын эл артисти наамын алган. 1949-жылдан Фрунзедеги хореогр. окуу жайынын педагогу.

Б. кыргыз иск-восунун Москвада өткөн 1-декадасында (1939) биринчи чыккан. Сахнада туңгуч ирет В. Власов м-н В. Ференин «Селкинчек» (1943, балетмейстер Л. М. Крамаревский) балетинде Зайнуранын ролун аткаруу м-н зор бийчилик жөндөмү ж-а жакшы проф. даярдыгы бар экенин көрсөткөн. Б-нын күчтүү хореогр. таланты «Чолпон» (комп. М. Раухвергер, балетмейстер Л. М. Крамаревский) ж-а «Раймонда» (комп. А. Глазунов, балетмейстер В. В. Козлов) спектаклдеринде ачык-айкын байкалган. Андан кийинки негизги аткарган ролдору: Лиза (П. Гертель, «Курулай сактык», 1948), Мария ж-а Зарема (Б. Асафьев, «Бахчисарай фонтаны», 1949), Одетта-Одиллия (П. Чайковский, «Ак куу көлү», 1950), Тао Хоа (Р. Глиэр, «Кызгалдак», 1953), Анар (В. Власов ж-а В. Фере, «Анар», 1950, 1957), Вакханка (Ш. Гуно, «Вальпургий түнү», 1952), Каарман кыз (С. Рахманинов, «Жаз келатат», 1953), Айдай (М. Раухвергер, «Чолпон», 1953, 1958), Лючия (В. Юровский, «Италия асманы астында», 1954), Эсмеральда (Ц. Пуни, «Эсмеральда», 1955), Сайра (В. Власов м-н Фере, «Ала-Тоо жазы», 1955), Аврора (П. Чайковский, «Уйкудагы сулуу», 1956), Зейнеп (К. Молдобасанов м-н Т. Окунев, «Күйручук», 1960), Фанни (И. Штраус, «Чоң вальс», 1961), Медор (А. Адан, «Корсар»), Джульетта (С. Прокофьев, «Ромео жана Джульетта», 1962), Лауренсия (А. Крейн, «Лауренсия», 1963), Франческа (П. Чайковский, «Франческа да Римини», 1963), Сильфида (Ф. Шопен, «Шопениана», 1966), Китри (Л. Минкус, «Кон-Кихот», 1967), Асел (В. Власов, «Асел», 1967), Солистка (М. Равель, «Болеро», 1970).

Б. улуттук ж-а классикалык балет спектаклдеринде ар кыл мүнөздогу образдардын бүтүндөй бир галереясын жаратып, өзүнүн көп кырдуу артисттик талантынын бардык коркм-н ар тараптан ачууга жетишкен. Ал кыргыз проф. хореография өнөрүнүн башында туруп, анын калыптанышына ж-а азыркы деңгээлге которулушуна ото зор салым кошкон, жеке өзүнө тиешелүү аткаруучулук салттарын мурас калтырган. Ал «Чолпон» балетинде алгач Чолпондун аруу ж-а назик романтикалык образын түзсө, кийин сыйкырчы Айдайдын карама-каршылыктуу, темпераменттүү, таасирдүү портретин түздү. Аселдин образы аркылуу жаңы заманда тарбияланган кыргыз аялынын муңайым, эрктүү, татынакай мүнөзүн психол. жактан жеткилең ачып берди. Артисттин тубаса бийчилик жөндөмү, классикалык бийдин техникасын ойдогудай өздөштүргөнү, образдын «ичине» терең кире билгени, чендө жок жароокерлиги Раймонда, Одетта-Одиллия, Тао Хоа, Джульетта, Франческа сыяктуу классикалык балет каармандарынын көркөм элесин жаратууда айрыкча айкын көрүнүү. Ал түзгөн хореогр. портреттердин басымдуу көпчүлүгү кыргыз классикалык бий өнөрүнүн бийик эталону болуп, жалпы совет балетине ортоктош нийгиликтерге айланды.

Б. телегейи текши өнүккөн балериналардын тобуна кошулат. Аның бийчилик өнөрү үчүн тубаса көркүү мүчөнүн бийик проф. мад-т м-н шайкеш келиши, терең психологизм м-н айкын интеллектуализмдин, назиктик м-н кайраттуулуктун, кыймылдын таамайлыгы м-н эмоциялуулугунун айкалышы ото мүнөздүү. Артисттин ар бир көрсөткөн оюну сулуулуктун, назиктиктин, шаттыктын жаркын майрамына айлана турган.

Б. кыргыздын балет өнөрүнүн даңкын көп жерге чыгарган. Ал катышкан «Чолпон» балет-фильми дүйнөнүн 60тан ашуун өлкөсүндө көрүлгөн. Ал о. эле Румынияга (1953), Чехословакияга (1967), Канадага (1967), Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн бир катарына барып бийлеген. Өзгөчө кыргыз иск-восу м-н ад-тынын Москвада өткөн 2-декадасында (1958) Б. борб. көрүүчүлөрдүн да, адистердин да эң жог. баасын алууга арзыган. Башкы партиясын Б. аткарган «Асел» балети мыкты опералык ж-а балетти спектаклдердин конкурсунда (1967)


1


2


3


4


5


6


7


8


9


10


11

Балет макаласына. 1. А. Адан. «Жизель». Жизель — Н. Бессмертнова. Чоң театр. 1964. 2. А. Адан. «Жизель». Жизель — Г. Уланова. Чоң театр. 1945 3. И. Чайковский. «Ак куу көлү». Одетта — М. Семенова. Чоң театр. 1937. 4. А. Хачатурян. «Спартак». Фригия — М. Плисецкая. Чоң театр. 1962. 5. Ф. Яруллин. «Шурале». Шурале — И. Бельский. Чоң театр. 1960. 6. Ж. Бизе- Р. Щедрин, «Кармен». Кармен — М. Плисецкая. Чоң театр. 1968. 7. С. Баласанян. «Лейли м-н Межнун». Лейли — Н. Бессмертнова. Чоң театр. 1964. 8. А. Мачавариани, «Отелло». Отелло — В. Чабукиани. Тбилиси опера ж-а балет театры. 1957. 9. М. Раухвергер, «Чолпон». Чолпон — Ч. Жаманова. Кыргыз опера ж-а балет театры. 1958. 10. П. Чайковский, «Ак куу көлү». Одетта — Р. Чокоева, принц — Б. Алымбаев. Кыргыз опера ж-а балет театры. 1967. 11. П. Чайковский, «Ак куу көлү». Одетта — А. Токомбаева, принц — Ч. Базарбаев. Кыргыз опера ж-а балет театры. 1970.


1


2


3


4


5


6


7


8


9

Б. Бейшеналиева макаласына. 1. П. И. Чайковский, «Ак куу көлү» — Одиллия. 2. И. Штраус, «Чоң вальс» — Фанни, бийчи. 3 .Кыргыз бийи. 4. Р. Глиэр, «Кызыл гүл» — Таохоа. 5. М. Раухвергер, «Чолпон» — Айдай. 6. П. И. Чайковский, «Ак куу көлү» — Одетта. 7. Л. Минкус, «Дон-Кихот» — Китри. 8. Б. Бейшеналиева композиторлор В. Власов, В. Фере менен. 9. М. Куренкеев атн. муз. хореографиялык окуу жайынын балет сабагында.

сыйлык алган, ошол эле ролду аткарганы үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгына татыктуу болгон (1970). Б. СССР Жог. Советинин 6—7-шайл., Кыргыз ССР Жог. Советинин 4—5 шайл. депутаты. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Лит.: Кумушалиев К., Бүбүсара Бейшеналиева, Фр., 1958; Уразгильдеев Р., Бибисара Бейшеналиева, 2 изд. Фр., 1974; Львов Н., Киргизский театр, М., 1953; Бюбюсара Бейшеналиева, Фр., 1958. (К декаде киргизского искусства в Москве); Сергеев К., Первая балерина, «Советская музыка», 1967, № 4; Холфин Н., Радость творчества, «Правда», 1958, 28 дек.

БЕК, бег, бей, бий (түрк. — бийдөөчү, төрө; ал амир же эмир дегендин синоними) — Жакынкы ж-а О. Чыгыш өлкөлөрүндө уруу башчысынын, кийинчерээк феодал ак сөөктөрдүн титулу. Алыркы СССРге кирген терр-ярда 14-к-дан тартып кезиккет. *Алтын Ордонун* ханы мусулман динин кабыл алган монгол нойондорунда Б. титулун берген. Кырг-ида Кокон ханы үстөмдүк кылып турган учурда пайда болот. Б. деп хан тарабынан дайындалып бир вилайетти (районду) башкарган адамды айтышкан. Ал түздөн-түз ханга баш ийип, вилайетте бүт бийликти өз колунда карман турган, элден алык-салык жыйнатып хандын казынасына өткөргөн, хандын аскерине толуктоо жиберип, өзү вилайеттеги жоокерлерге башчылык кылган. Кыргыз Б-тери таптык жагынан Кокон хандыгынын тиреги болуп, жерг. элди эзип, зомбулук көрсөткөн. Мансаптан ажыраган соң деле кур наам титулу сакталып кала берген. Кыргыздардан чыккан Б. өтө аз болгон.

БЕКАБАД (1964-ж-га чейин — Бегован) — Ташкен обл-дагы шаар. Фергана өрөөнүндө, Сыр-Дарыянын өйүзбүйүзүнө салынган. Т. ж. станциясы. Калкы 57,5 миң (1970). Өзб-дын индустр. борборунун бири. Б-да 1944-ж. реси-кадагы түңгүч металлургия з-ду курулган. Ал О. Азияда чогултулган металл сыныктары ж-а Уралдын, Каз-дын чоюну м-н иштейт. Фархад ГЭСи, цемент комбинаты, темир-бетон, кирпич з-ддору, жеңил ж-а тамак-аш о. ж., индустр. техникуму, мед. окуу жайы бар.

БЕК-АБАД — Ош обл-ның Сузак р-ндагы Бек-Абад сельсоветине караштуу кыштак. «Эркин» к-зунун борбору. Р-ндун борбору Сузактан 12 *км* түш.-чыг. таранта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 10 *км*. Калкы 3194 (1973). Орто ж-а башталгыч мектеп, китепкана, ооруканабар.

«БЕКАРСТАН ТАЙЧЫ» — Фергана өрөөнүндөгү комузчулар черткен салт күү. Бул сол бүроого толгонот, көбүнчө программалуу.

«БЕКБЕКЕЙ» — кыргыз оозеки поэзиясындагы эмгек ырларынын бири. Ал көчмөн мал чарбачылыгына байланыштуу келип чыккан. «Б.» дегендин *этимологиясы* ж-дө кыргыз фольклористикасында эки ача пикир бар. Айрым илимпоздор (М. И. Богданова) ырдагы «Бекбекей», «Саксакай» деген аттарды байыркы көчмөндөр сыйынган тотемдик пирлер (колдоочулар) деп болжолдосо, айрымдары (Ж. Таштемиров) «бек! бек! эй!» ж-а «сак! сак! эй!» деген этиштик кыйкырыктардан заттатуу жолу м-н келип чыккан деп ой жоруйт. Бул эки пикир тең тек гана божомол мүнөздүдө. «Б.» ырын жайкы түндө короо күзөткөн жаштар, көбүнчө кыз-келиндер ырдашкан. Ырдын текстинде байыркы поэзиядагы магиялык элементтер м-н соңку лирикалык ырлардын мотивдери айкалышып кеткен. «Б.» ырынын бир нече варианты бар, варианттарда айырмачылыкка караганда окшоштуктар басымдуурак. «Б.» лирикалык мүнөздөгү обон м-н аткарылган. Анын обону А. Аманбаев м-н С. Л. Германовдун «Айта менен Айдар» операсында, М. Абдраевдин «Суусамыр» симф. поэмасында пайдаланылган.

Лит.: Закиров С., Токомбаева А., Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү, Фр., 1964; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки, Фр., 1973; Богданова М. И., Киргизская литература. Очерк, М., 1947; Виноградов В. С., Киргизская народная музыка, Фр., 1958.

БЕКБОЕВА Алый (12. 6. 1886-ж. т., Нарын өрөөнү, Лайлы-Суу кыш.) — кыргыз саймачысы. Кыргыз ССРинин мад-тка эмг. сиң. ишмери (1969). 1955-жылдан СССР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү. Б-ның өмө-чиймеге болгон кызыгуусу бала кезинен эле башталган. 1934-жылдан сайма сайу, өмө оюунун артынан түшүп, *түш кийиз, алак кап, тегирич, шырдак* ж. б. кол өнөр буюмдарын жасоочу уз катары элге таанылат. 1920—72-ж. 30дан ашуун түш кийиз, 25тей алак кап, 30 шырдак, ондогон боз үйгө боочуу жасаган. Б.—улуттук өмө-чиймени ж-а кеште салуунун мыкты чебери. 1958-ж. кыргыз ад-т ж-а иск-восунун Москвадагы 10 күндүгүнө катышкан. Анын эң жакшы чыг-ларын Ленинграддагы этнография музейине, Москвадагы Чыгыш элдеринин иск-во музейине ж-а Фрунзедеги сүрөт музейине коюлган. Б. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медаль м-н сыйланган.

БЕКЕТ — аралыгы 20—25 *км* болгон почта станциялары. Мында почта кызматкерлери же чиновниктер эс алып, ат чалдырып же ат которуп отүшкөн. 19-к-дын ортосунан тартып Кырг-ндын түп. р-ндорунда кара жол жээгинде салынган. Почта жүктөрү, көбүнчө кош ат чегилген арабада, чанада ташылган. Кабарларды тез жеткирүү, өкмөт чиновниктерин ташуу үчүн токулуу аттар даяр турган. Мындай станцияларды тейлеп тургандар бекетчи деп аталган.

БЕКЕТОВ Николай Николаевич [1(13). 1. 1827—30. 11 (13. 12). 1911] — орус физик-химиги, Петербург ИАнын акад. (1886). Казань ун-тин 1849-ж. бүтүргөн. 1859—87-ж. Харьков ун-тинин проф. 1886-жылдан Петербург ИАда иштейт. Б. басым алдында металлдарды алардын туздарынын эритмелеринен суутек ж-а жог. темп-рада башка металлдарды туздарынан магний м-н цинк сүрүп чыгара тургандыгын аныктаган. 1859—65-ж. жог. темп-рада металлды металл кычкылдарынан алюминий м-н калыбына келтирүү мүмкүн экенин байкаган. Бул иштери *алюминотермия* процессине негиз болду. Б. физ. химиянын осуштно, аны өз алдынча илимий ж-а окуу сабагы катары киргизүүдө зор эмгек сиңирген.

БЕК-ЖАР — Ош обл-ның Кара-Суу р-ндагы Кашкар-Кыштак сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-адун аймагында. Р-ндун борборуКара-Суудан 63 *км*. түш. таранта. Ош т. ж. станциясынан 41 *км*. Калкы 643 (1973). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

БЕКИТҮҮЧҮ ПАТРОН (машина курууда) — металл кесүүчү станоктордо иштетилип жаткан тетикти же аспапты бекитип, карман туруучу жасалга. Б. п-дун негизги болүктөрү — тулкусу ж-а тетикти карман туруучу түзүлүш. Тулкусу станокко бекитилип, иштетүү убагында тетик же аспап Б. п. м-н кошо айланат. Станоктун тибине жараша Б. п. токардык, чарыктык, бургулоочу ж. б. болуп айырмаланат. Токардык Б. п-дун ичинен поводоктуу, эки, үч, төрт муштумчалуу (тетиктерди борборлоштура бекитүүчү), төрт цангалуу патрондор белгилүү. Эки-үч муштумчалуу патрондор спираль алкактуу, рычагдуу болуп жасалат. Төрт муштумчалуу патрондун ар бир муштумчасы өз алдынча жыла алат. Б. п-го тетиктер кол м-н, пневматикалык же автоматтык түрдө бекитилет. Өтө чоң Б. п. электр кыймылдаткычы м-н жабдылган.

БЕКИТҮҮЧҮ ТЕТИКТЕР — машиналардын ж-а конструкциялардын ажыратылма болүктөрүн бириктирүүчү тетиктер. Б. т. СССРде Жалпы мамлекеттик стандарт же ведомств. нормалар б-ча атайын өндүрүштөрдө массалык түрдө жасалат. Машина курууда колдонулуучу Б. т-ге: *бурама сайгуу бекиткичтер* — болт, бурама, гайка, бурама мык; жардамчы тетиктер — эбелек, шплинт, штифт ж. б. кирет. Чеге, мыктар да Б. т-ге таандык.

БЕККЕ ЗАКОНУ — кристаллдардын сектордук түзүлүш закону. Кристаллдын өсүү процессинде анын кандайдыр бир граныпда заттын топтолгон болүгү өсүүнүн пирамидасы деп аталат. Түрдүү жөнөкөй формаларга туура келүүчү грандардын өсүү пирамидалары бир бирине физ. касиеттери (катуулугу, сынуу көрсөткүчү, жутуу коэфф.) б-ча айырмаланышат. Өсүп жаткан кристаллдын түрдүү грандарына чойродон ар кан-


Н. Н. Бекетов.


С. Бекмуратов.


С. Бекмуратова.


К. Бекмурзаев.


Бекназар.


И. Бектембаев.

дай кошундулар аралашат. Кристаллда кошундулардын түрдүүчө саны ж-а ар кандай дефектилердин болушу анын физ. касиеттерине таасир этет. Бул закон Ф. Беккенин ысмы м-н аталган.

БЕККЕРЕЛЬ Антуан Анри (15. 12. 1852—25. 8. 1908) — француз физиги, Париж ИАнын мүчөсү (1889). А. Э. Беккерелдин уулу. Париждеги Политех. мектепти бүткөн. Париж улуттук табият-тарых музейинин (1892) ж-а Политех. мектептин проф. (1895). Б. оптика, электр, магнетизм, фотохимия, электр химиясы ж-а метеорол. илимдери б-ча изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Түрдүү люминесценциялык заттардын кара кагаздан өтүп фотопластинкага тийгизген таасирин изилдөөнүн натыйжасында, уран тузунун радиоактивдүү нурлануусун ачкан (1896). Бул нурланууну изилдөө М. *Кюри-Склодовская* м-н П. *Кюринин радиоактивдүүлүктү* ачуусуна алып келди. Нобель сыйлыгынын лауреаты (1903).

Ад.: Капустинская К. А., Анри Беккерель, М., 1965.

БЕКМУРАТОВ Саид (1901, Ош обл., Кара-Суу р-ну, Жыл-Келди кыш.,— 1966, Фрунзе) — белгилүү кыргыз кыякчысы. Кырг. ССРинин эмг. сиң. артисти (1939). Б. Кыргыз мамл. драма театрында (1934—36), Кыргыз мамл. филармониясында (1936—61) иштеген. Элдик ырларды, күүлөрдү Калыбай, Нармат, Айдараалы, Муратаалыдан өздөштүргөн. Ал «Кер өзөн», «Бекарыстан Тайчы», «Ак токту», «Ат кетти», «Шырдакбек» ж. б. классикалык күүлөрдү устаттык м-н тарткан. Өзү «Сырдаш», «Тизгин күү», «Кул пенде», «Кедейдин арманы», «Чуу басар» ж. б. белгилүү кыяк күүлөрүн чыгарган. Б. «Паризат», «Бери чык», «Эки жол», «Жол жүрүш» ж. б. элдик ырларды аткарган. Б.— кыргыз ад-ты м-н искусствосунун Москвада өткөн эки декадасынын (1939, 1958) катышуучусу. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

БЕКМУРАТОВА Салима Саидовна (17. 12. 1932-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну, Жыл-Келди кыш.) — кыргыз совет опера ырчысы (лирик-сопрано), Кыргыз ССР эл артисти (1973). Б. Москвадагы П. И. Чайковский атн. мамл. консерваториянын К. И. Васькованын классы б-ча бүткөндөн (1952) бери Кыргыз мамл. акад. опера ж-а балет театрынын солисткасы. Ал О. Азия м-н Каз-ндын ырчыларынын ичинен биринчи болуп вокалисттердин эл аралык конкурсунда 1-дараж. диплом ж-а алтын медалга татыктуу болгон (Бухарест, 1953). Б. сов. ырларды аткаруучулардын Бүт. союз. конкурсунун дипломанты (1957). Ал дүйн., совет ж-а кыргыз композиторлорунун опералырынан 30дан ашык партия аткарды. Мис.: Баттерфляй (Пуччини, «Чио-Чио-Сан»), Виолетта м-н Жильда (Верди, «Риголетто», «Травиата»), Гүлчехра (Гажибеков, «Аршин мал алан»), Айчүрөк (А. Малдыбаев, В. Власов ж-а В. Фере, «Айчүрөк»), Айнажан (М. Абдраев, «Жаш жүрөктөр») ж. б. Б. концерттик ырчы катары да белгилүү. Ал Сов. Союзунун көп жерлеринде ж-а чет өлкөлөрдө да гастролдордо болгон. Кыргыз ад-ты м-н иск-восунун Москвада өткөн 2-декадасынын катышуучусу (1958). Анын аткаруусунда 500дөн ашык чыгарма бүт. союздук ж-а кыргыз радиосунун фондусуна жазылып алынган. Б. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕКМУРЗАЕВ Кадыр (1913-ж. т.) — Кыргыз ССРинин Ош обл-дагы Өзгөн р-нунун «Маданият» к-зунун пред-ли (1944). Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун 1933-ж. баштаган. Анын жетекчилиги м-н колхоздун экономикасы көтөрүлүп, чарба ар тараптан чыңалган. Агротехниканы мыкты колдонуунун натыйжасында 1947-ж. 40,5 *га* аянттын ар гектарынан 30,36 *ц* ден буудай алынып, мамлекетке дан тапшыруу планы ашыгы м-н орундалган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕКНАЗАР КУУДУЛ, Бекназар Арзымат уулу (1881, Ош обл., Токтогул р-ну, Ничке-Сай кыш.,— 1953, ошол эле жерде) — эл куудулу, жамакчы. Б. К. томаяктын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы жокчулуктун айынан жалданып иштеш үчүн өз элинен кетип, айтылуу Арстанбапка жакын Кызыл-Суу кыш-на байыр алып калат. Б. К. жети жашында өз энесинен айрылып, өгөй энесинин каарынан 9 жашында үйүнөн безип Арстанбап мазарына келип, андагы шайыктарга кумганчы (дааратка суу даярдап бергич) болуп 7 жыл иштеген. Бул жерде ал кожо-молдолордун анык алдамчы экенине көзү жетип, аларды жек көрүү сезими күчөйт. Ошол себептен динчилердин кылыкжоруктарын ашкерелөө Б. К-дун негизги темасы болуп калган. Анын «Мусулманчылыктын азабы», «Мусаллага тойгондогу зикир», «Молдолор тооруганда», «Жума намаз эмне үчүн каза болду?», «Жалгыз коздуу жан алгыч», «Сүзүшмө намаз, мушташма зикир» сыяктуу оозеки аңгемелери китепке чыга электе эле ал ичинде кеңири таркап кеткен. Б. К. 1930-жылдары Токтогул р-ндук театрында иштеген. Ал сагызган, чакчыгай, күкүк, карышкыр, мышык, теке, бука, ит (өзгөчө күчүктөрдүн) ж. б. дабышын куду өзүндөй туурай алган. Б. К. улуу Токтогулдун шакирттеринин бири болгон.

Чыг.: Айтыштар, 1-т., Фр., 1972.
Ад.: Бекназар куудул, Фр., 1963.

БЕКТЕМБАЕВ Ибраим (1896-ж. т.)— Кыргыз ССРинин Аламүдүн р-нундагы Стрельникова атн. мамл. асыл тукум з-дунун уйчусу (1930). Соц. Эмг. Баатыры (1948). Ал 1947-ж. 24 саан уйдун ар биринен 5617 *кг* дан сүт алган. Уйдун ала-тоо породасын чыгарууга катышкандыгы үчүн ага СССР Мамл. сыйлыгы ыйгарылган (1951). Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕКТЕНОВ Касымалы (1910-ж. т., Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну, Кара-Ой кыш.,— 20.6.1975, Фрунзе) — кыргыз совет жазуучусу, прозачы ж-а драматург. 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Рабфакты (1929), театр ин-тун (1940) бүтүргөн. Б. артист, режиссёр, респ-калык драма театрдын директору, Кырг-н кинематографиясынын башкы башкармасынын орун басары болгон. 1964-жылдан Кырг-н мамл. Т. Сатылганов атн. филармониясында иштеген, кинофильмдерге тартылган. Адабий чыг-лыгы 1950-жылдары башталат. Ал — «Айкын жол» пьесасынын, балдарга арналган бир нече китептин, «Сөөк өчтү» (1967), «Куйручук» (1960), «Табалды Пудовкин» (1-китеп, 1959; 2-китеп, 1962), «Райкандын күлкүсү» (1963), «Мени унутпа» (1971) ж. б. чыг-лардын автору. Б-дун айрым китептери орус тилине которулган. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

Ад.: Эралиев С., Драматург и писатель (К. Бектенов ж-дө) «Советтик Кыргызстан», 1960, 18-сентябрь.

БЕКТУРОВ Абикен Бектурович (2. 12. 1901-ж. т.) — сов. химик, Казак ССР ИАнын акад. (1946), тех. илимд. доктору (1945), проф. (1946), 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Казак ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1945). 1931-ж. Омск а. ч. ин-тун бүтүргөн. Казак мамл. ун-тинин жалпы хим. кафедрасынын башчысы (1937—50), Казак ССР ИАнын Химия ин-тунун директору (1946—68). Б-дун жетекчилиги алдында Кара-Тоо фосфоритинен минералдык жер семирткичтер алынып, өндүрүшкө киргизилген. Анын 200дөй ил. эмгеги, 2 монографиясы бар. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕКТУРСУНОВ Сүйүнтбек (1909, Олуя-Ата уезди, Кара-Суу болушу, Үч-Кошой кыш.,— 1962, Фрунзе) — кыргыз көркөм котормочусу. Кедейдыйкан үй-бүлөсүнөн. Фрунзедеги педтехникумду бүтүргөн (1930). Кыргыз драма театрынын директору, «Ленинчил жаш» газетасынын редакторунун орун басары болуп иштеген. Б-дун котормочулук иши 1931-жылдан башталат. А. П. Чеховдун, А. Толстой, М. Шолохов ж. б. сов. жазуучулардын аңгемелерин, М. Горькийдин «Душмандар» (1935), «Эң акыркылар» (1952), «Васса Железнова» (1952), «Егор Булычев жана башкалар» (1953), К. Симоновдун «Орус маселеси» аттуу пьесасын, Л. Н. Толстойдун «Пейилдин оңолушу» (1956) ж. б. классикалык чыг-ларды кыргыз тилине которгон. Б-дун котормочулук ишинин эң чоң жетишкендиги Л. Толстойдун дүйнөгө белгилүү «Согуш жана тынчтык» романын кыргыз тилине которгону болду.

БЕЛ БОО — кийимдин сыртынан белди курчоого арналып жасалган (1,5—2 *м*), бир жагында тогоосу бар булгаары, кайыш, кездеме. «Бел» ж-а «боо» деген сөздөрдүн кошулмасынан келип чыккан. Б. б. кур, илгич деген маанидe да айтылат. Кездемеден жасалганын улгайган адамдар курчанат. Булгаары Б. б-нун (кемер, кур) бетин алтын, күмүш ж. б. металлдар чегерүп кооздошкон.

БЕЛ КУДА — бала төрөлө электе кудалашуу. Бири бирине ымаласы жакын 2 үй-бүлө өзүлөрүнүн жакындыгын күчөтүү максатында Б. к. болушкан. Сөөк жаңыртуу иретинде да кудалашкан. Мурда никенин буга окшогон формалары кыргыздарда гана эмес, казактарда ж-а О. Азиянын элдерине да таралган. Окт. соц. рев-ясынан кийин Б. к. жоюлду.

«БЕЛ КҮҮ» — комузда кеңири тараган басып чертүүнүн бир түрү. Аспап моюнунун ортосунан аткарылгандыктан, ал Б. к. деп аталат. Мында «Ортончу кербез», «Жаш кербез», «Чоң кербез», «Мырза кербез», «Кейиштүү кербез», «Кыз кербез», «Армандуу кербез» өңдүү салт күүлөр басылып чертилет.

БЕЛ-АЛДЫ — Ош обл-нын Токтогул р-нундагы Бел-Алды сельсоветине караштуу кыштак. «Кетмен-Төбө» с-зунун аймагында, р-ндун борбору Токтогулдан 42 *км* чыг. тарапта. Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 187 *км*. Калкы 650 (1974). Башталгыч мектеп бар.

БЕЛАШОВА Екатерина Федоровна [19. 11(2. 12). 1906—1971] — сов. скульптор, СССР эл сүрөтчүсү (1963), СССР сүрөтчүлөр академиясынын мүчө-корр. (1964). 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. Ленинград көркөм академиясында окуган (1926—32). Б. Москвадагы жог. көркөм-ө. ж. окуу жайынын профессору (1952—65), СССР сүрөтчүлөр союзунун секретары (1957—68), пред-ли (1968—71 болуп иштеген. Б. негизинен станковый скульптурада эмгектенген. Белгилүү чыг-лары: «С. А. Добролюбовдун портрети» (гипс, 1942), «Багынбас» (гипс, 1943; коло, 1957), «Кыялга батуу» (мрамор, 1957—58), Н. К. Крупскаянын портрети (коло, 1959), «А. С. Пушкин, 1837-жыл» (коло, 1964), «Шопен» (1968, коло), Москвадагы Н. К. Крупскаянын эстелигинин долбоору (гипс, 1970). СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1967). Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.


Е. Ф. Белашова. Н. К. Крупскаянын эстелигинин модели. Коло. 1970.

БЕЛАЯ — Башкырт АССРиндеги дарыя, Каманын (Волганын алабы) сол куймасы. Уз. 1430 *км*, алабынын аянты 142 миң *км²*. Түш. Урал тоолорунан башталып, жог. агымында — тез, ортоңку ж-а төмөнкү агымдарында кеңири өрөөндө жай, көп имерилип, салаа-салаа болуп агат. Ири куймалары: Нугуш, Чоң Инзер, Уфа (Өфө), Тапып, Уршан, Дема, Чермасан, Сюнь. Дарыя кар (55%), жамгыр ж-а булактардан куралат. Жылдык орт. чыгымы чатында 950 *м³/сек* (Нарын д-нан 2 эсе көп), ноябрда тоңуп, апрелде ачылат. Башкырт АССРинин негизги суу магистралы. Москва — Уфа суу жолунун бир бөлүгү. Жээгинде Белорецк, Салават, Ишимбай, Стерлитамак, Бирск ш-лары жайгашкан.

БЕЛАЯ — РСФСРдин Краснодар крайындагы дарыя, Кубань д-сынын сол куймасы. Уз. 273 *км*, алабынын аянты 5990 *км²*. Чоң Кавказдын Башкы же Суу бөлгүч кырка тоосундагы Фишт ж-а Оштен чокуларынан башталат. Төмөнкү агымы жай. Негизги куймалары: Пшеха, Курджипс. ГЭСтери бар. Жээгинде Майкоп, Белореченск ш-лары жайгашкан.

БЕЛАЯ ЦЕРКОВЬ — УССРдин Киев обл-дагы шаар. Киевдин 84 *км* түш. тарабында. Калкы 103 миң (1970). Ири ө. ж. ж-а маданий борбор. Т. ж. станциясы. «Сельмаш», «Электр конденсатор» з-ддору, үй куруу комбинаттары ж-а бут кийим, трикотаж, мебель ф-калары, эт комбинаты ж. б. тамак-аш ө. ж. ишканалары жайгашкан. А. ч. ин-ту, эт ж-а сүт ө. ж. техникуму, мед. окуу жайы, край таануу музейи, драма театры, СССР ИАнын «Александрия» ботан. коругу бар. Б. ц.— бальнеологиялык курорт.

БЕЛГИ — кайсы бир туюмдуу материалдык предметтин, окуянын, кубулуштун таанып-билүү процессиндеги башка бир предметтин, окуянын, кубулуштун субъективдүү элес — түшүнүктөрдүн өкүлү, туюнтмасы, көрсөткүчү. Бул мүнөздөмө Б-нин маңызын камтыса да, анын аныктамасы боло албайт. Анткени Б. татаал түзүлүшкө ээ ж-а аны изилдөө методдору эмгиче так иштелип чыга элек. Б. түшүнүгүн анализдөө филос., логика, лингв., психол. илимдеринде чоң орун ээлейт. Б-нин таанып-билүүдөгү милдетин изилдөөгө байыркы грек философтору (Платон, Аристотель, стоиктер) ж-а 17—18-к-дын ойчулдары (Локк, Лейбниц, Кондильяк) көңүл бөлгөн. 19-к-да изилдөө ишине матем. логика м-н лингв. ат салышкан. Кийин Б. ж-дө семиотика деген өзгөчө илим пайда болду. Бул илим Ф. де Соссюр, Пирс, Ч. Моррис тарабынан негизделип, азыркы структурализмдин өкүлдөрү тарабынан өнүктүрүлүп жатат, к. *Семиотика*.

БЕЛГИСИ КЕЗЕКТЕШМЕ КАТАР — мүчөлөрү кезеги м-н оң же терс болгон белгиси өзгөрмөлүү чексиз катар. Бул төмөнкүдөй жазылат: $a_1 - a_2 + a_3 - ... + (-1)^{n-1}a_n + ...$, a_i — оң сан. Эгерде $a_n \to 0$ ж-а катардын мүчөлөрүнүн абс. маанилери $|a_{n+1}| < |a_n|$ монотондуу кемисе, Б. к. к. (Лейбництин белгиси б-ча) жыйналат. Мис., $1 - {}^1/_2 + {}^1/_3 - \cdots$ Б. к. к. ln2 ге, ал эми $1 - {}^1/_3 + {}^1/_5 - {}^1/_7 + \cdots$. Б. к. к. $\pi/4$ кө умтулат.

БЕЛГОРОД — РСФСРдеги Белгород обл-нын борбор шаары. Северский Донец д-сынын жээгинде. Калкы 151 миң (1970). Т. ж. тоому. Ө. ж-нын негизги тармактары: курулуш материалдарын чыгаруу (цемент, акиташ, бор, слюда), машина куруу (энергет. казан жасоо, трансп. каражаттарын оңдоочу ишканалар), та-

мак-аш (жашылча-жемиш, консерва, ун-акшак, эт ж-а витамин комбинаттары, лимон к-та з-ду). Ири ТЭЦ иштейт. Шаар аркылуу Шебелинка — Москва газ түтүгү өтөт. Пед. ж-а курулуш материалдарынын технол. ин-ттары, Бүткүл союздук сырттан окуунун политех., финанс.-экон. ж-а Харьковдогу а. ч. ин-ттарынын филиалдары, 6 атайын орто окуу жайы, крайлык музей, драма ж-а куурчак театрлары, теле борбор бар. Б. 1237-жылдан белгилүү.

БЕЛГОРОД ОБЛАСТЫ РСФСРдин составында 1954-ж. 6-ноябрда түзүлгөн. Аянты 27,1 миң км². Калкы 1261 миң (1970). Админ. жагынан 18 район, 9 шаар, 11 ш. т. посёлоктон турат. Борбору — Белгород.

Б. о. Орто орус дөңсөөсүнүн түш.-бат. бөлүгүн ээлеп жатат. Терр-ясы көтөрүңкү түздүктүү келип, жар ж-а коолор өтө көп. Климаты мелүүн-континенттик, январдын орт. темпрасы — 8,4°С, жылдык жаан-чачыны 450—500 мм. Ири дарыялары: Северский Донец, Оскол, Тихая, Сосна, Ворскла. Областтын көчүлүк бөлүгүнүн жер кыртышы кара топурактуу, аянтынын 9% токой (эмен, клён, ясень ж. б.).

Калкынын көбү — орустар, украиндер. Орт. кышт. 1 км² жерге 46,5 (1970). Шаар калкы 35%ти түзөт. Ири шаарлары: Белгород, Старый Оскол, Валуйки, Алексеевка, Губкин ж-а Шебекино.

Б. о.— тоо кен, машина куруу, металл иштетүү, курулуш материалдар, тамак ө. ж. ж-а а. ч. өнүккөн район. Областта Курск магниттүү аномалиясынын негизги бөлүгү жатат. Запасы б-ча 10 649 млн. т (1968). О. эле бор, чопо ж-а кум кендери кезигет. Машина куруу ө. ж-нан буу казан (Белгороддо), автомоб., трактор, электр аппаратураларын (Старый Оскол), тамак ө. ж. жабдууларын (Шебекино, Ракитное), автомоб., трактор тетиктерин (Волоконовка) чыгарат. Хим. жабдуулар (Алексеевка), кант (Валуйки), кесүүчү аспаптар (Белгород) з-ддору, цемент (Белгород, Старый Оскол), аки таш (Белгород), темир-бетон ж-а минералдык кебез (Яковлево), бор өндүрүүчү курулуш ишканалары бар. Областта 10 кант з-ду, эфир майы (Алексеевка), жемиш-консерва, витамин комбинаттары ж-а лимон к-тасын алуучу з-д (Белгород) иштейт. А. ч-на жарактуу жери 2205 миң га, мунун 1734 миң га сы айдоо, 76 миң га сы чабынды, 352 миң га сы жайыт. Негизги дан өсүмдүктөрү — арпа, буудай; о. эле кара буудай, гречиха, таруу, силос үчүн жүгөрү өстүрүлөт. Б. о. кант кызылчасынын аянты (144 миң га) б-ча РСФСРде 4-орунда. 1969-ж. малдын саны: уй 724 миң, чочко 684 миң. Т. ж-унун жалпы уз. 711 км. Область аркылуу Москва — Симферополь автомоб. жолу, Шебелинка — Москва ж-а Ставрополь — Москва газ түтүгү өтөт. 1969—70 окуу жылында 1470 жалпы билим берүүчү мектеп (247,5 миң окуучу), 27 профтех. окуу жайлар (10,3 миң), 21 атайын орто окуу жай (20,5 миң), пед. ин-т (5,2 миң студент) болгон. 725 китепкана, 1137 клуб, драма ж-а куурчак театр, 3 музей бар. 1970-ж. 11,5 миң койкалуу ооруканаларда 2,2 миң врач иштеген. Обл-та «Белгородская правда» (1917-жылдан) ж-а «Ленинская смена» (1956-жылдан) газеталары чыгып турат.

БЕЛГРАД, Београд — Югославиянын ж-а анын составындагы Сербия Соц. Респ-касынын борбору. Сава д-нын Дунайга куя берип жеринде. Аянты 182,46 км². Калкы 746 миң, шаар айланасы м-н 1204 миң (1971).

Азыркы Б-дын аймагында байыркы кельттердин Сингидунум аттуу конушу болгон, андан кийин б. з. ч. отол эле ат м-н римдик шаар болуп калган (б. з. ч. 1-, б. з. 4-к-да). 6-к-да шаар Византиянын карамагына өткөн. 9—10-к-да болгарлар ээлешкен. 11—12-к-да Византиянын, андан кийин болгарлардын, венгрлердин ж-а сербдердин бийлигинде болгон. 1521-ж. Б-ды түрктөр басып алат. Австрия-Турция согуштарында Б. 3 жолу (1688—90, 1717—39, 1789—91) австриялыктардын колуна өткөн. 1806-ж. түрктөрдөн бошотулуп, Сербия княздыгынын (1882-жылдан королдугунун) борбору болуп калат. 1813—30-ж. шаар кайрадан түрктөрдүн бийлигине өткөн. 1-дүйн. согушта Б-ды 2 жолу (1914, 1915—18) австр. аскерлер басып алат. 1918-ж. 1-декабрдан Б. сербдер, хорваттар ж-а словендер королдугунун (1929-жылдан Югославиянын) борбор шаары. 1941-ж. 13-апрелде Б-ды фаш. Германия басып алган, 1944-ж. 20-октябрда Сов. Армия м-н Югославияның Эдник-бөштондукка чыгаруучу армиясы аны бошоткон. 1945-ж. ноябрда Б. ЮЭФРдин (1963-ж. ЮСФРдин) борбор шаары болуп жарыяланган.

Бат. Европадан Жакынкы ж-а О. Чыгышка бара турган ири трансп. тоому. Эл аралык маанидеги аэропорт бар. Металл иштетүү, машина куруу (машина ж-а самолет куруу, а. ч. машиналарын, электр тех. машина куруу), химия, токуу (жүндөн), бут кийим ултаруу, жыгач иштетүү, тамак-аш, ун, эт, консерва, кант ж. б. ө. ж. иштейт.

Сава өзөнүнүн оң жээгиндеги Жог. ж-а Төмөнкү чептер тарыхый Б-дын борб. бөлүгү м-н кошо курулган. Мында римдик ж-а о. кылымдык архитектуранын калтырган изи байкалат. 17—19-к-да салынган Байракли-Жамия мечити, Доситей Обрадович лицейи (18-к-дын ортосу) ж. б. сакталган. 20-к-дын башында Эдник театры, Теразие аянтындагы ансамбль, ун-т курулган. 1960-жылдан Сава өзөнүнүн сол жээгинде Жаңы Белград курулууда. Б-да Серб ИАсы, ун-т, музейлер, Б. ш-ның Корком галереясы, зоопарк ж. б. бар.

БЕЛГРАД КОНФЕРЕНЦИЯСЫ Югославияда 1961-ж. 1—6-сентябрда өткөн. Ага Алжир, Афг-н, Бирма, Гана, Гвинея, Индия, Индонезия, Ирак, Йемен, Камбоджа, Кипр, Конго (борбору — Леопольдвиль), Куба, Ливан, Мали, Марокко, Непал, Египет, Сауд Аравиясы, Сомали, Судан, Тунис, Цейлон, Эфиопия, Югославия катышкан. Боливия, Бразилия ж-а Экуадор өкүлдөрү байкоочу болушкан. Конф-я колониализмди биротоло жоюу, жалпы ж-а толук куралсыздануу, коомдук-саясий түзүлүшү ар түрдүү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоосу, ООНдун ролу ж-а структурасы ж-дөгү маселелерди кеңири талкуулаган; блокторго кошулбаган мамлекеттердин мамлекет ж-а өкмөт башчыларынын согуш коркунучу ж-дө Билдирүүсү м-н тынчтыкка үндөөсүн ж-а Декларациясын кабыл алган. Бул документтерде блокторго кошулбоо саясатынын принциптери формулировкаланган.

Белград. Теразие аянты.



БЕЛГРАД ТЫНЧТЫК ДОГОВОРУ (1735—39) Россия-Турция согушун (1735—39) бүтүргөн. Бул согушта Россия Австрия м-н союздаш болгон. Б. т. д. 6-ча Россияга Азов кайра кайтарылып берилген. Донду Черкас а-на чеп курууга укук алган; о. эле Турция Кубандын куймасына чеп курмак болгон; Азов ж-а Кара деңиздеринде Россияга флот күтүүгө тыюу салынган, Кара деңизде Турция кемелери м-н гана соода жүргүзмөк. Ошентип, Б. т. д. орус аскерлеринин ийгиликтерине шайкеш келген эмес, орус дипломатиясынын негизги максаты — Кара деңизге чыгуу ишке ашпай калды. Бул договор *Күчүк-Кайнар тынчтыгы (1774)* б-ча жокко чыгарылган.

БЕЛДЕМЧИ — аялдардын белден ылдый тартынчу кийими. Ал баркыт, нооту, лампүк, трайке сыяктуу кездемелерден этеги жазы, жог. бөлүгү кууш, кашат коюлуп, эки учалуу тигилет. Б. кебез же жүн, айрым учурларда жука жасалган кийиз же ара туулган козу-улактын өндөлгөн терилери м-н ичтелет. Кашаты башка жактарына караганда тыгыз шырылып, калыңыраак келип, кемер сымал адамды тыкан алып жүрөт. Жээктери саймаланып, кундуз карматылып, чачыланып кооздолот. Б-ни жазда, күздө, айрыкча кышта тартынат. Б-нин кездемеси, тигилиши, көркөмдөлүшү, түсү аны кийүүчү кишилердин жашына, өңүнө, тулкуна жараша жасалат.

БЕЛЕК — Сокулук р-нундагы Чат-Көл сельсоветине караштуу кыштак. «Дружба» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Сокулуктан 7 км түш. тарапта, Шопоков т. ж. станциясынан 5 км. Калкы 916 (1976). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БЕЛИЗ (Гондурас британиялык, 1973-жылдан тартып **Белиз** аталат) — Улуу Британия эзелиги. Борб. Америкада, Кариб деңизинин жээгинде; Юкатан ж. а-нын чыг. бөлүгүн ээлейт. Түп. ж-а түп.-батышынан Мексика, бат. ж-а түштүгүнөн Гватемала м-н чектешет, чыгышы Кариб деңизине барып такалат. Аянты 23 миң км². Калкы 130 миң (1972). Борбору — Бельмопан [(1973), 3 миң киши (1972)].

Колония башында Улуу Британиянын өкмөтү дайындаган англ. губернатор турат. Губернатордун алдында закон чыгаруучу орган — сенаттан ж-а өкүлдөр палатасынан турган улуттук чогулуш бар.

Табияты. Жериниң көбүн көл ж-а лагунасы арбын ойдундуу түздүк ээлейт. Түштүгүндө Майя тоосу (бийик. 1122 м ге чейин) орун алган. Климаты тропиктик-пассаттык. Орт. айлык темп-расы 25—27°С. Жылдык жаан-чачыны 2000 мм. Ири дарыялары — Рио-Ондо ж-а Белиз. Терр-ясынын 1/2 бөлүгүн нымдуу тропик токою каптап жатат.

Калкынын 75% негрлер ж-а мулаттар, 17% майя индеецтери, калгандары — метистер, европалыктар ж. б. Мамл. тили — англис тили.

Тарыхый справка. 16-к-дын башына чейин Б. аймагын индеец уруулары мекендеген. 16-к-да Испания Борб. Американы басып алгандан кийин, Б-дин түн. бөлүгү «Жаңы Испаниянын» (Мексика) составына, түштүгү Гватемала генерал-капитанствосуна киргизилген. 18-к-дын орто ченинен тартып, өлкөдө Англиянын таасири күчөй баштайт. 1840-жылдан англиялыктар Б-ди Брит. Гондурас деп атайт; 1862-ж. ал офиц. түрдө англ. колония болуп жарыяланат. 1930-жылдардан жерг. элдин колонизаторлорго каршы кыймылы күчөп, 1961-ж. Б-го ички өзүн-өзү башкаруу укугун берүүгө Улуу Британияны мажбур кылды.

Экономикасы. Б.— англ. ж-а амер. капиталга көз каранды артта калган аграр. өлкө. 47 миң га (1968) жери иштетилет, анын көбү чет элдик компанияларга колунда. Плантацияларында бал камышы, цитрус өсүмдүктөрү, о. эле кокос пальмасы, ананас, банан өстүрүлөт. Ө. ж. начар өнүккөн. Негизги ө. ж. борбору ж-а деңиз порту — Белиз ш. Автомоб. жолунун уз. 1,2 миң км. Сыртка кант, цитрус ж-а сок, жыгач чыгарып, четтен машина, транси. жабдууларын, азык-түлүк ж-а кеңири керектелүүчү товар, отун сатып алат. Башкы соода шериктери — Улуу Британия, АКШ, Канада, Вест-Индия өлкөлөрү. Акча бирдиги — Б. доллары. 4 доллар=1 фунт стерлинг.

Лит.: Народы Америки, т. 2, М. 1959.

БЕЛИНСКИЙ Виссарион Григорьевич [30. 5(11. 6). 1811. Свеаборг,—26. 5 (7. 6). 1848, Петербург] — орус рев-ял чыл демократы, адабий сынчы, ойчул. Доктордун үй-бүлөсүндө туулган. Чембар у-дик окуу жайында (1822—24), Пенза гимназиясында (1825—28) окуган. 1829-ж. Москва ун-тинин корком соз болүмүнө кирип, 1832-ж. окуудан чыгарылат. Чыг-лыгы студенттик жылдары башталган. Ырлар ж-а крепостной түзүлүштү айыптаган «Дмитрий Калинин» драмасын жазган. Б. 1833-ж. Н. В. Станкевичтин кружогуна катышып, *Кант, Фихте, Шеллинг, Гегелдин* философиясын үйрөнөт. 1834-ж. «Телескоп» журналында анын «Адабий кылдар» деген көлөмдүү макаласы жарыяланган. 1838—39-ж. ал Гегелдин идеалисттик философиясына азгырылып, Россиядагы коомдук түзүлүшкө «келишүүчүлүк» мамиле жасаган. 1840-жылдан Гегель философиясынын маңызын түшүнүп, матер. багытка түшөт. Ал *Л. Фейербахтын* философиясы, К. *Маркс*, Ф. *Энгельстин* алгачкы чыг-лары м-н таанып болгон. Бирок коомдук турмушту матер. негизде түшүнүүгө жете алган эмес. Анын түшүнүүгө жете алган эмес. Анын социализм ж-дөгү окуусу утопиялык мүнөздө болгон. Б. орустун реалистик эстетикасына ж-а сыпына негиз салган. «Таза искусствонун» теорисына каршы туруп, жазуучулардан коомдун алдыңкы тенденциясы ачып берүүнү талап кылган. Өз эстет. принциптерин «Искусствонун идеясы» (1841), «Поэзиянын тектерге ж-а түрлөргө бөлүнүшү» (1841), «Сын жөнүндө соз» (1842), «Александр Пушкиндин чыгармалары» (1843—48), «1847-жылдагы орус адабиятына көз караш» (1848) өңдүү макалаларында ачык-айкын жарыя кылган. «Орус повести жана Гоголдун повесттери» (1835) макаласында Гоголдун чыг-ларында реализм м-н элдүүлүк принциптеринин кеңири орун алганын көрсөткөн. Б-дин сынчылык мурасында Пушкинге арналган макалалар цикли өзгөчө орунда. Бул цикли орус ад-тынын Ломоносовдон Пушкинге чейинки тарыхы десе да болот. Анда Пушкиндин поэзиясы орус адтындагы жаңычыл көрүнүш экени, анын улуттук мүнөзү, көркөмдүк өзгөчөлүгү кеңири ачылат. О. эле М. Ю. Лермонтовдун поэзиясынын улуулугун ачып көрсөтүп, андан кийин калгандыкты ж-а активдүү ишмердүүлүктү эңсөөнү байкатт. Б. Европанын улуу художниктери Шекспир, П. Бераңже, Ж. Санд, Г. Гейне, В. Гете, Ч. Диккенстин чыг-ларын ж-дө баалуу ойлорду айткан. Б-дин чыг-лык мурасы кыргыз адабий сынынын калыптанышына да өз таасирин тийгизди. Анын тандалма макалалары 1948 ж-а 1973-ж. кыргыз тилинде өзүнчө китеп болуп чыккан.



В. Г. Белинский.

Чыг.: Танд. чыгармалар, Фр., 1973; Полн. собр. соч., т. 1—13, М.—Л., 1953—59.

Ад.: Жигитов С., Улуу сынчы (В. Г. Белинскийдин туулган күнүнүн 150 жылдыгына карата), «Ала-Тоо», 1961, № 6; Лаврецкий А., Белинский, Чернышевский, Добролюбов в борьбе за реализм, М., 1941; Нечаева В. С., В. Г. Белинский. Жизнь и творчество, 1842—1848, М., 1967.

БЕЛИ-СЫНЫК — Алай — Түркстан тоо системасындагы кырка тоо. Чыгышынан Жамангул тоосу, батышынан Кожо-Бакырган өрөөнү, түндүгүнөн Фергана өрөөнүнүн адырлары, түштүгүнөн Маргун, Даргун ж-а Мадыген өрөөндөрү м-н чектешет. Уз. 60 км, туурасы 10—15 км. Орт. бийик. 1800—2000 м, эң бийик жери 2330 м (Даргун тоосу). Тоонун капталдары неоген-антропоген мезгилдеринин конгломерат ж-а кум-чополуу чөкмөлөрүнөн, кыры палеозойдун аки таш ж-а сланец тоо тектеринен турат. Эрозиялык ж-а тектон. процесстердин натыйжасында өтө тилмелеген *горст-антиклиналь*. Тоонун капталдары адырлуу. Жарым чөл (700—900 м) ж-а талаа (900 м ден жогору) ландшафттары басымдуулук кылат.

БЕЛ-КЫШТАК — Ош обл-ныи Кара-

Суу р-пундагы Кызыл-Кыштак сельсоветине караштуу кыштак. «Төлөйкөн» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кара-Суудан 30 *км* түш.-бат. тарапта. Ош т. ж. станциясынан 10 *км*. Калкы 589 (1973-ж.). Башталгыч мектеп бар.

БЕЛЛЕТРИСТИКА (фр. belles lettres — көркөм сөз) кеңири мааниси-нде жалпы көркөм ад-тты түшүндүрөт. Тар маанисинде алганда, Б. деген көбүнчө көркөм прозага карата айтылат. Кээде идеялык көркөмдүүлүгү жагынан жеткиликтүү ишгелбеген чыг-ларды да Б. деп коюшат.

БЕЛЛИНСГАУЗЕН Фаддей Фаддеевич [9(20). 9. 1778—13(25). 1. 1852]— орус саякатчысы, адмирал. 1803—06-ж. Жер шарын айланган 1-орус саякатына катышкан. 1819—21-ж. Б. Жер шарын айлануура уюшулган экспедицияны башкарган. Экспедиция 1819-ж. Антарктикада бир нече аралды, 1820-ж. 16(28)-январда Антарктиданы ачкан. Тынч океандын тропиктик бөлүгүндө бир нече аралдарды табышкан. 1839-жылдан Кронштадттын согуш губернатору. Б. ысымы м-н Тынч океандагы деңиз, Түш. Сахалиндеги тумшук, Туамоту архипелагындагы арал ж. б. аталган.

Аб.: Иванов С. и Голованов К., Ф. Ф. Беллинсгаузен, М., 1952; Трешников А. Ф., История открытия и исследования Антарктиды, М., 1963.

БЕЛОБОРОДОВ Афанасий Павлантьевич [18(31). 1. 1903-ж. т., азыркы Иркутск обл., Акинино кыштагы]— армиянын генералы (1963), 2 жолу Сов. Союз. Баатыры (1944; 1945). 1926-жылдан КПССтин мүчөсү. 1923-жылдан Сов. Армияда. Жөө аскерлер мектебин (1926), Аскердик саясий курсту (1929), Фрунзе атн. Аскер академиясын (1936) бүтүргөн. Улуу Ата Мек. согушта 1941-жылдын октябрынан 78-аткычтар дивизиясына командачы, 1942-жылдын октябрынан аткычтар корпусуна командир. 1944-жылдын майынан 43-армияга командачы. 1945-ж. августта Японияга каршы согушта 1-Кызыл Туулуу армияны башкарган. Согуштан кийин аскердик жетекчи кызматтарда, 1968-жылдан СССР Коргоо мин-восунда жооптуу иште. 1966-жылдан КПСС БКпын мүчөсү. СССР Жог. Сов. 3-ж-а 7-шайл. депутаты. Б. 2 Ленин ордени, 5 Кызыл Туу, 1—2-дараж. Суворов, 2-дараж. Кутузов ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕЛОВЕЖ ТОКОЮ — СССР м-н Польшанын чек арасындагы Неман, Бат. Буг ж-а Припять д-ларынын алабындагы ири токой массиви. Жалпы аянты 1250 *км*² (740 *км*² СССРге тийиштүү). Рельефи кокту-колоттуу. Жери саздак. Бул чытырман токойдо кызыл карагай, ольха ж. б. өсөт, аны зубр, каман, элик, коён, тыйын чычкан, токой кундузу, кашкулак, мадыл, түлкү, чил, каракур, илаачын, өрдөк, айры куйрук, бүркүт өндүү жаныбарлар мекендейт. Мында сүт эмүүчүлөрдүн 50, куштардын 200дөн ашык түрү жашайт. СССРдин аймагындагы 85 миң *га* жерине корук-аңчылык чарбасы уюштурулган. Анда аң айбанаттары м-н куштардын экологиясын изилдөө, өсүмдүктөрдү рационалдуу пайдалануу, токой чарбасын коргоо б-ча ш-р жүргүзүлүүдө. Корук-аңчылык чарбасында «Беловеж токою» деген табият музейи, ал эми Польшанын улуттук паркында «Табият музейи» бар.

БЕЛОВОДСКИЙ КАНТ ЗАВОДУ — Кырг-ндагы ири кант заводдордун бири. Москва р-нунун аймагында жайгашкан. Б. к. з. 1941-ж. Курск обл-нан эвакуацияланган Рамон кант з-дунун базасында курула баштап, 1946-ж. эксплуатацияга берилген. Алгачкы өндүрүштүн кубаттуулугу суткасына 5600 *ц* кант кызылчасын иштеп чыгарууга илайыкталган. Заводдун реконструкциядан кийинки (1949) суткалык өндүрүмдүүлүгү 9600 *ц* ге жеткен. 1953-ж. буулантуучу 2 корпус кошумча ишке киргизилип, кубаттуулугу 12200 *ц* ге чейин жогорулаган. 1970-ж. заводдун айрым бөлүктөрү жаңыртылып, суткалык кубаттуулугу 13200 *ц* ге жеткирилди.

БЕЛОВОДСКИЙ, Ак-Суу — Москва р-нунун борбору, кыштак. 1867-ж. пайда болгон. Чүй өрөөнүндөгү Фрунзе — Ош шоссе жолунун боюнда. Фрунзе ш-нан 40 *км* бат. тарапта. Беловодск т. ж. станциясынан 5 *км*. Калкы 20 миң (1973). Б-де пиво, вино, май, нан з-ддору, элди турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинаты, стадион, 2 орто, 1 сегиз жылдык мектеп, балдар үйү, атайын профтех. окуу жайы, кинотеатр, клуб, 4 китепкана, 2 ооруканa, амбулатория, 2 медпункт бар.

БЕЛОВОДСКИЙ — Ысык-Көл обл-ныn Түп р-нундагы Ак-Булак поссоветине караштуу кыштак. Ысык-Көлдүн түндүгүндө, Күрмөнтү суусунун жээгинде. Ысык-Көл с-з техникумунун аймагында. Р-ндун борбору Түптөн 15 *км* түн.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 172 *км*. Калкы 291 (1972).

БЕЛОГОРКА — Сокулук р-нундагы Белогорка сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун аймагында. Сокулук суусунун боюнда. Р-ндун борбору Сокулуктан 25 *км* түш.-бат. тарапта, Шопоков т. ж. станциясынан 27 *км*. Калкы 1684 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, ооруканa, амбулатория бар.

БЕЛОК АЛМАШУУ — организмдеги белоктордун ж-а алардын ажыроо продуктуларынын (аминокислоталар) айлануусу. Б. а.— заттардын алмашуусунун олуттуу бөлүгү. Аминокислоталарынын алмашуусу башка азот бирикмелери бар алмашуу м-н тыгыз байланышкандыктан, Б. а. көбүнчө азот алмашуунун жалпы түшүнүгүнө кошулат. Автотрофтук организмдерде — өсүмдүктөрдө (козу карындардан башка) ж-а хемосинтездөөчү бактерияларда Б. а. орг. эмес азотту сиңирип, аминокислоталарын ж-а амиддерди синтездөөдон башталат. Адам м-н жаныбарлардын организминде аминокислоталардын айрым бөлүгү гана жөнөкөй орг. бирикмелерден синтезделип, башка бөлүгү тамактан алынат. Тамак-аш продуктуларындагы белоктор ичеги-карындагы ферменттердин таасири м-н аминокислоталарга ажырап, канга сиңип, орган ж-а ткандарга жеткирилет да, организмде белок түзүүчү эркин аминокислоталар фондусун түзөт. Эркин аминокислоталардын ар түрдүү ички процесстерге, негизинен биол. жол м-н органга илайыктуу белокторду, ферменттерди синтездөөгө ж. б. катышат. Ашык аминокислоталар ферменттердин таасири м-н ажырайт. Аминокислоталардын реакциясы кычкылданып дезаминденүү м-н башталып, андан ары аминокислоталардын молекулаларынын азотсуз калдыктары CO_2, H_2O ж-а NH_3 түрүндөгү азотко чейин белүнөт. Жаныбарларда аммиактан мочевина синтезделип ж-а аммоний туздары түрүндө бөлүнүп чыгуу жолу м-н зыянсыздалат. Өсүмдүктердегу орг. эмес аммоний азоту, аминокислоталардын, амиддердин ж-а белоктордун кайрадан синтезделишине катышат. Б. а. жаныбарлардын ж-а адамдын организминде нерв системасы ж-а гормондордун катышуусу м-н жөнгө салынып турат. Б. а-нун медицина ж-а а. ч-сы үчүн практикалык мааниси чоң.

БЕЛОКТОР, протеиндер — организмдин түзүлүшүндө ж-а тиричилигинде негизги роль ойноочу *аминокислоталардан* турган жог. молекулалуу табигый орг. заттар. Б.—тиричиликтин материалдык негизи. Организмдин тиричилиги клеткаларда жүрүп жаткан биохим. процесстерге негизделген. Бул процесстер *ферменттердин, гормондордун* катышуусу м-н жүрөт. Биол. катализаторлор—ферменттер, гормондор (мис., инсулин) ж-а иммунитет процессинде пайда болгон антителолор Б-дон турат. Б. клетканын протоплазмасын, ферментти, гормонду түзүү м-н катар организмдеги көптеген тиричилик кубулуштарына — тамактануу, осуу, көбөйүү, тукум куучулук, козголуу ж. б. процесстерге тикеден тике катышат. Адамдын ж-а жаныбарлардын организми орг. эмес азот бирикмелеринен Б-ду синтездей албайт, ошон үчүн ал белоктуу азык зат ж-а тоют м-н камсыз болууга муктаж.

Б-дун мол. массасы бир нече миңден 1 млн-го жетет, кээде андан да ашат. Алардын составында 50,6—54,5% C, 6,5—7,3% H, 21,5—23,5% O, 15—17% N, 0,3—2,5% S, кээ бирлеринде фосфор болот. Кээ бир Б. суудa оңой эрисе, айрымдары бир аз туз кошкондо, дагы бири күчтүү жегичтин таасири м-н гана эрийт. Карбоксиль (кислоталык) ж-а амин (негиздик) топтору болгондуктан, алар

амфотердүү касиетке ээ. Организмдеги Б. аминокислоталардын 20 түрүнөн турат.

Б-дун молекуласындагы аминокислоталар өз ара пептид байланышы (—CO—NH—) аркылуу кошулуп, биринчилик, полипептид чынжырын кээ бир жерлери спираль түрүндө бураалып, экиничилик структураны түзөт. Полипептиддик чынжырдын цистин аминокислоталары жайгашкан жериндеги дисульфид байланышынан (—S—S—) бүктөлүшү, үчүнчүлүк, бир нече белок белүкчөлөрү (субстраттар) ири молекулага чогулуп, төртүнчүлүк структураны пайда кылат. Ар түрдүү физ. ж-а хим. факторлордун таасири м-н Б-дун табигый структурасынын бузулушу денатурация деп аталат. Полипептид чынжырының жайланышына жараша Б-дун молекулаларынын формасы жип сымалдан (эт булчуңу — миозин, малдын жүнү, жибек пилласы ж. б.) тоголокко (альбумин, глобулин, гемоглобин ж. б.) чейин өзгөрөт. Б-дун түзүлүшүн үйрөнүү аларды синтездеп алууга мүмкүндүк берди.

Б. жөнөкөй — протеиндер (аминокислоталардан гана турган) ж-а татаал — протеиддер (аминокислоталардан ж. б. бирикмелерден турган) болуп бөлүнөт. Жөнөкөй Б-го альбуминдер, глобулиндер, гистондор, протаминдер ж. б., ал эми татаал Б-го гликопротеиддер, липопротеиддер, фосфопротеиддер ж. б. кирет.

Организм клеткаларында аминокислоталардан Б-дун пайда болуу процесси *биосинтез* деп аталат. Бул процесс өзгөчө татаал механизмдин жардамы м-н рибосомдордо өтөт. Анда нуклеин к-талары, өзгөчө *рибонуклеин кислоталары* (РНК) катышат да, аденозинтрифосфор к-тасы (АТФ) түрүндө жыйналган энергиянын сарталышы м-н ишке ашат.

БЕЛОКТУУ (ПРОТЕИНДҮҮ) ТОЮТ — өсүмдүктөрдөн ж-а жаныбарлардан алынуучу белогу (протеини) мол тоют. Аларга чөп, дан, күнжара, шрот ж. б. кирет. Көк тоюттун ичинен уй беде, беде, эспарцет, соя, жер буурчак, кашка беде, буурчактарда протеин көп болот. Мис., көк бедеңин 1 тоют бирдигинде 193 *г* сиңимдүү протеин, ал эми гүлдөгөн мезгилинде 135 *г* протеин болот. Демек, өсүмдүк өсүп жетиле баштаган сайын анын протеини азайып, сапаты начарлайт. Буурчактын 1 тоют бирдигинде 171 *г*, жер буурчакта 186 *г*, сояда 228 *г*, күнжара ж-а шроттo 270—310 *г* га чейин протеин бар. Жаныбарлардан алынган тоют өсүмдүк тоютуна караганда белоктуу келет. Мис., эт унунун 1 тоют бирдигинде 480 *г*, эт-сөөк унунда 400 *г*, балык унунда 600 *г*, кан унунда 554 *г*, көк сүттө 150 *г* протеин бар.

БЕЛОМОРСК — Карел АССРиндеги Беломорск р-нунун борбор шаары. Ак деңизден Ак деңиз-Балтика каналы чыккан жерде жайгашкан порт. Т. ж. тоому. Калкы 16 миң (1968). Балык ж-а тактай тилүү, жыгач иштетүү о. ж. өнүккөн. Кеме верфи бар.

БЕЛОПОЛЬСКИЙ Аристарх Аполлонович (1854—1934) — сов. астроном, Петербург ИАнын акад. (1903). 1877-ж. Москва ун-тин бүткөн. Б. кометанын (1884), Айдын тутулган учурунун ж-а Күндүн тутулган кездеги таажысынын (1887) сүрөтүн алган. 1888-жылдан Пулков обсерваториясында иштеп, 1917—19-ж. анын директору болуп шайланган. 1895-ж. Сатурндун шакегинин түзүлүшүн изилдөөдө жарык илдамдыгын өлчөө методун колдонуп, ал шакек планетаны айланган көп сандаган майда телолордон турганын аныктаган. Б. жылдыз спектрографынын жардамы м-н Күндүн айлануу илдамдыгынын бир аз азайганын байкаган (1925—33), аны башка астрономдор да ырастады.

Аб.: Фесенков В. Г., Аристарх Аполлонович Белопольский, в кн.: Люди русской науки. Очерки о выдающихся деятелях естествознания и техники. Математика. Механика. Астрономия. Физика. Химия, М., 1961.

БЕЛОРУС АВТОМОБИЛЬ ЗАВОДУ — оор жүк автосамосвалдарын чыгаруучу ишкана. Завод Минскиге жакын Жодино ш-да. Ал 1958-ж. курулуп, алгачкы 25 тонналык МАЗ-525 автосамосвалы чыгарылган. 1961-ж. 27 тонналык БелАЗ-540 автосамосвалын чыгарат. Завод 1962—68-ж. жүк көтөрүмдүүлүгү 40 тонналык БелАЗ-548 автосамосвалын, 65 тонналык БелАЗ-548 В автопоездин, 65 тонналык БелАЗ-524 дизель-троллейбусун ж-а БелАЗ-531 маркасындагы жүк сүйрөгүчүн, 75—80 тонналык БелАЗ-549 автосамосвалын чыгарып турду. 1969-ж. 120 тонналык самосвал чыгаруу ишке ашырылды. 1958—1968-ж. автосамосвал чыгаруу 8,2 эсе өстү. Завод 1966-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Жогорку тех.-экон. көрсөткүчтөрүнө ылайык БелАЗ-540 автосамосвалы Лейпциг (1965), БелАЗ-548 маркасындагы автомобиль Пловдив (1968) ш-ларында өткөрүлгөн ярмаркаларда алтын медалдарга татыктуу болду.

БЕЛОРУС ДРАМА ТЕАТРЫ Янка Купала атындагы — БССРдин драма театры. Белорус. мамл. театры болуп 1920-ж. Минскиде уюштурулган (1926-жылдан 1-Белорус театры). 1921—31-ж. ага Е. А. Мирович жетекчилик кылган. 1940-ж. театр Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 1944-ж. Я. Купаланын ысмы, 1955-ж. академиялык деген наам берилген. Театрда СССР эл артисттери П. С. Молчанов, Л. Г. Рахленко, Л. И. Ржецкая, З. Ф. Стомма; БССР эл артисттери М. С. Белинская, С. С. Бирилло, З. И. Броварская ж. б. иштейт. Башкы режиссеру — РСФСРдин иск-вого эмг. сиң. ишмери Т. А. Кондрашов; башкы сүрөтчүсү — БССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери А. Б. Григорьянц.

БЕЛОРУС ЖАЛЫ — Белорус ССРнин түн.-батышындагы дөңсөөлүү тилке. Түш.-батыштан түн.-чыгышка 500 *км* ге созулат. Гродно, Волков, Новогрудск, Минск, ж. б. дөңсөөлөрдөн турат. Эң бийик жери 345 *м*. Морена текшеринен түзүлгөн.

БЕЛОРУС ЖЫЛКЫСЫ — Россиянын бат. обл-тарындагы жерг. жылкыны жүкчүл жылкынын айгыры м-н аргындаштыруудан чыгарылган жылкы породасы. Б. ж. тоютту көп керектебейт, жерг. шартка чыдамдуу. Талаа жумушунда пайдаланылат, арабага жакшы жүрөт. Аның тулку бою жумуру, башы кичине, асыл тукум айгырынын бийиктөө. 156 *см*, тулку боюнун уз. 158 *см*, көкүрөк курчата өлчөмү 193 *см*, бээсинин тирүүлөй салм. 500—600 *кг*, айгырыныкы 600—700 *кг*. Өңү көбүнчө тору, жээрде, кула, буурул. Ал БССРдин Гродно ж-а Молодочне ж. б. обл-тарында өстүрүлөт.

БЕЛОРУС РАДАСЫ — Белоруссияда 1917—18-жылдагы контррев-чыл бурж. улутчул уюм. 1917-ж. июлда Минскиде түзүлгөн. Б. р. меньшевиктер, эсерлер, бундчулар м-н тыгыз байланышып, Белоруссияда соц. рев-яны даярдоону үзгүлтүккө учуратууга аракет кылган. Окт. рев-ясы жеңгенден кийин, Совет бийлигине каршы чыккан. 1917-ж. декабрда Минскиде «Бүткүл белоруссиялык конгресс» чакырып, Совет бийлигин тааныбоо ж-де токтом кабыл алган. Андан кийин Б. р. Совет бийлигине каршы куралдуу күрөштүн жолуна өткөн. Немецтер м-н бекем байланышып, башында помещик Скирмунд турган марионеткалык «Белорус республикасынын өкмөтүн» түзгөн. 1918-ж. мартта Белоруссияны Россиядан бөлүүнү жарыялап, Совет бийлигинин декреттерин жараксыз деп эсептеген. Кызыл Армия Белоруссияны бошоткондон кийин, 1919-ж. январда Б. р. жоюлду.

БЕЛОРУС СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ (БССР), Белоруссия 1919-ж. 1-январда түзүлгөн. 1922-ж. 30-декабрда СССР түзүлгөндө, союздук респ-ка болуп ага кошулган. Батышынан Польша Эл Респ-касы, түш.-батышынан Литва ССРи, түндүгүнөн Латыш ССРи, түш. - чыгышынан ж-а чыгышынан РСФСР, түштүгүнөн УССР м-н чектешет. Аянты 207,6 миң *км*². Калкы 9268 миң (1974-ж. 1-янв.). БССР 6 область, 117 район, 96 шаар, 109 ш. т. посёлка бар.



Мамлекеттик түзүлүшү. БССР — жумушчулардын ж-а дыйкандардын соц. мамлекети, СССРдин составындагы союздук респ-ка. БССРдин авыркы Конституциясы 1937-ж. 19-февралда БССР Советтеринин атайын чакы-

рылган 12-съездинде бекитилген. БССРдин мамл. жогорку бийлик органы — 4 жылга шайлана турган респ-канын бир палаталуу Жог. Совети. Жог. Советтин сессияларынын аралыгындагы мамл. бийликтин жог. органы — БССР Жог. Советинин Президиуму. Жог. Совет респ-канын өкмөтүн — Мин. Советин түзөт ж-а БССРдин закондорун кабыл алат. Областтык, райондук, шаардык, посёлоктук, селолук бийлик органдары — 2 жылга шайлануучу Эмгекчилер депутаттарынын жерг. Советтери. Б-да Соттун жог. органы — БССР Жог. соту, аны респ-канын Жог. Совети 5 жылга дайындайт. Мамл. желегин ж-а мамл. гербин к. *Мамлекеттик желек, Мамлекеттик герб* макаласынын таблицасынан.

Табияты. Белоруссиянын жеринин бети түзөң келет. Анда муз доорунда пайда болгон дөңсөөлөр, саздак ойдуңдар ж-а көлдөр (10 миңден ашык) бар, алар көбүнчө түн.-батышында. Түн.-батыштан түн.-чыгышка карай Белорус жалы созулуп жатат. Анын эң бийик ортоңку бөлүгү (Минск дөңсөөсүндөгү Дзержинский тоосунун чокусу) дециз деңг. 345 *м* бийиктикте. Респ-канын түштүгүндө саздуу Полесье ойдуңу жатат, анын абс. бийикт. 100—150 *м*. Саздардын ж-а шалбаалардын арасынан 5—8 *м* бийиктеги кум дөбөлөр кездешет,



Минск областы. Мядель көлү.

аларда кызыл карагайлуу токойлор өсөт. Климаты мелүүн континенттик, ага Атлантика океанынан келген аба массасы чоң таасир тийгизет. Январда орт. темп-расы: түш.-батышта —4,4°С, түн.-чыгышта —8°С; июлдуку: түндүктө 17°С, түштүктө 18,8°С. Жаан-чачындын жылдык орт. саны 550—700 *мм*, 2/3 бөлүгү жай айларында жаайт. Ири дарыялары: Днепр (анын Березина, Припять, Сож деген куймалары бар), Бат. Двина, Неман. Дарыялары сал агызууга, кеме жүргүзүү үчүн пайдаланылат. Дарыялардын жалпы уз. (5 *км* деп ашканы эсепке алынган) 51 миң *км* деп ашат. Дарыялары негизинен кардан ж-а жаан-чачындан куралат. Ири көлдөрү; Нарочь (80 *км*²), Освейское (53 *км*²), Дрвяты, Снуды-Струсто, Нещердо, Червоное (мурдагы Князь көлү), Выгоновское. Белоруссияда чымдуу-күл, чымдуу-саздак, чым көңдүү-күл топурак көп кезигет. Респ-када чым көңдүү жерлерди өздөштүрүү ж-а саздарды кургатуу б-ча зор иштер жүргүзүлүп жатат (респ-канын терр-ясынын 12% саз, 20% саздак жер). 1972-жылга чейин 1993,8 миң *га* жер кургатылган, бул — респ-канын а. ч. аянтынын 20%ке жакынын түзөт. Б. казылып алынуучу кендерге бай. Маанилүүлөрү: калий ж-а кайнатма туз (10 млрд *т*, Старобинское, Петриковское, Давыдовское, Мозырь кендери), жогору сапаттуу нефть (Речицкое, Осташковичское, Вишанское ж. б.). Күрөң көмүр м-н күйүүчү сланецтер, курулуш материалдары (доломит, отко туруштук берүүчү чополор, айнекке ж-а калыпка куюу үчүн пайдалануучу кумдар), минералдык суулар бар. Чым көңдүн запасы арбын.

Б-нын терр-ясы аралаш токой зонасында жатат. Терр-ясынын 1/3 токой, 1/5 шалбаа м-н жайыт, 1/3 маданий өсүмдүктөр, 1/10пен бир азыраагын саздак жерлер ж-а караган-бадал өсүмдүктөрү эзлейт. Ийне жалбырактуу токой басымдуулук кылат (70% ке жакын). Токоюнда кызыл карагайлар көп (56% тен көбүрөөк), 25% ке жакыны бай терек, кайың ж-а ольха, 5% тен ашыгы жазы жалбырактуу жыгачтар (эмен, граб, клён, ясень, липа). Дүйнөгө атагы чыккан Белавеж чер токою ж-а Берёзина коругу бар. Б-да омурткалуулардын 400гө жакын, анын ичинде сүт эмүүчүлөрдүн 60ка жакын, канаттуулардын 280гө жакын түрү мекендейт. Түлкү, тыйын чычкан, коён, багыш, элик, доңуз, суусар, кашкулак көп, күрөң аюу, сүлөөсүн ж. б. кездешет. Кемчет, кундуз, норка, арс чычкан да бар. Америка жанаты, жанат сымал уссурия ити, ондатр байырлатылган. Б-нын өзөндөрү м-н көлдөрүндө лещ, таман, чортон, жаян, язь ж. б. балыктар көп.

Калкы. 1975-жылдын 1-январында БССРде 9331 миң киши жашаган. 1970-жылдагы эл каттоо б-ча элдин 81% белорустар, 10,4% орустар, 4,3% поляктар, 1,6% еврейлер, 2,1% украиндер болгон. Респ-када татарлар, литвалыктар, латыштар ж. б. элдер жашайт. Калктын орт. жышт. (1973-ж. 1-янв.) 1 *км*² ге 44,3 киши. Респ-канын борб. бөлүгүндө (Минск — Барановичи — Слуцк үч бурчтугунда) ж-а Гомель обл-нын түш.-чыгышында калк өтө жыш (1 *км*² ге 60 киши), Полесьеде ж-а түндүгүндө калк өтө сейрек (1 *км*² ге 25 ке жакын киши). Калктын 48% (1973-ж. 1-янв.) шаарларда. 52% селолук жерлерде жашайт. Эң ири шаарлары (1973, миң адам м-н): Минск (1095), Гомель (311), Витебск (258), Бобруйск (160), Могилёв (232), Гродно (153), Барановичи (111).

Тарыхый очерки. Б-нын терр-ясында алгачкы адамдар ортоңку палеолитте жашаган. Неолит доорунда адамдар эгин айдап, мал багууну үйрөнгөн. Б. з. ч. 7-к-да Б-нын терр-ясында жашаган уруулар темирден курал жасай башташкан. Б. з. 2—5-к. бул жерге Днепр боюнан славяндар келе баштап, Б-нын негизги аймагын мекендеп калышкан. Днепр м-н Двинанын баш жагында кривичтер, Полесье м-н Ортоңку Б-нын бир бөлүгүндө дреговичтер, Сож алабында радимичтер турган. Б. з. 5-к-нан тартып жер айдап, дыйканчылык кылган, мал асыраган, балык, аң уулаган. Алар 9-к-га чейин түн.-батышта жашаган балтикалык урууларды сицирип алышат. 6—8-к. Б-ны мекендеген чыг. славяндарда уруулук



Фантастикалык айбандын сүрөтү тартылган такта. Акиташ. 12—13-к-дын башталышы. Волковыск ш.

байланыш үзүлүп, таптык феод. мамилелер пайда болот; уруу союздарынын ордуна княздыктар түзүлөт, кол өнөрчүлүк өнүгүп, соода-сатык кеңеет, шаарлар пайда болот. 9—11-к. Б. жери *Киев Русунун* составына кирет. Бул мезгилде Полоцк, Витебск, Туров, Пинск, Минск сыяктуу ири ш-лар пайда болот. Польша, Швеция ж. б. чет жерлер м-н да соода жүргүзүлөт. Байыркы орус мамлекетинин феод. бытыроо процессинде (11—12-к.) Полоцк, Туров, Смоленск княздыктары бөлүнүп чыгат, кийин алар да өз ара майда княздыктарга ажырап кетет. 13—14-к. Б. жери Литва улуу княздыгынын составына кирип калат. Феод. бытырандылыктын ж-а Байыркы орус мамлекетинен оолактап калгандыктан, Рустун бат. бөлүгүндөгү калкта өзүнчө тил, мад-т, үрп-адат пайда болот. Б. эли калыптана баштайт. Кийинчерээк Байыркы орус мамлекетинин бат. тарабындагы жерлер «Белая Русь» («Ак Русь») деп аталып калат.

13—15-к. белорус эли, литва, поляк, орус элдери м-н бирге немец рыцарларына каршы күрөшкөн. Немец рыцарларынын Тевтон орденин талкалоодо Грюнвальд салгылашуусу (1410) чечүүчү мааниге ээ болгон. Немец ордендеринин бийлигинин бошоңдошу Б-га Бат. Европа м-н соода кылууга мүмкүнчүлүк берген. Б. шаарларынын экон. маанисинин өсүшү ж-а шаардыктардын өз укуктары үчүн дайыма

Грозно областы. Лид району. Чиркөө-чеп 16-к.






БЕЛОРУС ССРи, ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТА
ИШТЕП ЧЫГАРУУЧУ ӨНӨР ЖАЙ
Машина куруу жана металл
Станок куруу жана аспап
Автомобил
Трактор
Айыл-чарба машиналар
Химиялык заттар
Нефть
Минералдык жер семирткич
Жасалма синтетика буласы
Курулуш материал
Айнек
Жыгачты жана кагазга
Жеңил өнөр жай буюм
Булгары, бут кийим
Тамак-аш
Ар кандай
Эскертүү. Өнөр жай пунктарынын өлчөмү запастын санына жараша көрсөтүлгөн
АЛЫП ЧАРБАСЫ
Зыгыр эгүүчү жана чарбачылыгы
Эт-сүт жана чарбасы
Эт-сүт жана чарбасы, кызылча эгүү менен айкалыш
Эт-сүт жана чарбасы жана жыгыр өстүрүү
Эт-сүт жана чарбасы жана жүгөр өстүрүү
Шакарга чөйрөлөш чарба
Эскертүү. Башка тармакка өнүгүү даректештирилген райондорду дан өстүрүү картосунан жана мал чарбасы
Мөңө чарбачылыгы өнүккөн район
Бал
Кара күүрай өйдө
Төөнөй
КЕН БАЙЛЫКТАРЫН КАЗЫП АЛУУ
нефтини
чын кендүү
калий тузларын
Минералдуу суу булактар
ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯЛАРЫ
ЖЫЛУУЛУК ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯЛАРЫ (миң квт)
Иштеп жаткана
Курулуп жаткана
1000 жогору
500 ден 1000 чейин
100 ден 500 чейин
100 чейин
Нефть түтүктөрү
Газ түтүктөрү
Көмө жүгүртүү айлануучу суу
Дарыя суусунун
Масштаб 1:3 000 000
Белоруссия
Литва
Латвия
Россия
Украина
Минск
Витебск
Гомель
Гродно
Могилёв
Брест
Вильнюс
Каунас
Клайпеда
Рига
Даугавпилс
Лиепая
Елгава
Резекне
Вентспилс
Балтика
Ирбен
Ленинград
Псков
Смоленск
Орёл
Курск
Воронеж
Харьков
Киев
Житомир
Ровно
Луцк
Львов
Тернополь
Ивано-Франковск
Черновцы
Одесса
Кишинёв
Калининград
Гданьск
Варшава
Белосток
Ломжа
Седлец
Люблин
Ченстохова
Краков
Катовице
Жешув
Перемышль
Тарнув
Краснодар
Ростов
Волгоград
Саратов
Пенза
Тамбов
Липецк
Воронеж
Белгород
Курск
Орёл
Брянск
Калуга
Тула
Рязань
Москва
Ярославль
Кострома
Иваново
Горький
Киров
Пермь
Свердловск
Челябинск
Оренбург
Уфа
Казань
Ульяновск
Куйбышев
Саратов
Волгоград
Астрахань
Ташкент
Фрунзе
Алма-Ата
Караганда
Целиноград
Павлодар
Семипалатинск
Барнаул
Новосибирск
Кемерово
Омск
Тюмень
Свердловск
Челябинск
Магнитогорск
Оренбург
Актюбинск
Гурьев
Мангышлак
Красноводск
Ашхабад
Чарджоу
Бухара
Самарканд
Ташкент
Фрунзе
Джамбул
Алма-Ата
Талды-Курган
Чимкент
Кзыл-Орда

1971-ж. февралда болгон 27-съезди КПССтин 24-съездинин чечимдерин жетекчиликке алып, респ-канын коммунисттери м-н эмгекчилеринин чарб. ж-а маданий курулуштун зор милдеттерин ийгиликтүү аткарууга чакырды. Б. Компартиясы түзүлгөн кезде (1918), коммунисттердин саны 17 800 адам болсо, 1974-жылдын 1-январына КПССтин мүчөсүнүн саны 455 917 адамга ж-а мүчөлүккө кандидаттардын саны 17 922 адамга жетти.

Белоруссия Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу. Б-нын ЛКЖСи—ВЛКСМдин составдуу бөлүгү. Жаштардын туңгуч рев-чыл уюмдары 1917-ж. РСДРП(б) комитеттеринин алдында түзүлгөн. РКСМдин 1-съездинен ж-а Батыш коммуна комсомолдорунун съезддеринен (1918-ж. 25—27-дек., Смоленск) кийин Б-нын Витебск, Минск, Орша, Полоцк ж. б. ш-ларында комсомол уюмдары түзүлдү. Гражд. согуш ж-а чет өлкөлүк интервенциянын убагында комсомолдордун көпчүлүгү фронтко ж-а партизандык отрядга кетишкен. Бүткүл Б. комсомолунун 1-съезди (1920-ж. 24—27-сент., Минск) респ-канын комсомолунун кезектеги милдеттерин белгиледи. Соц. курулуштун жылдарында Б-нын комсомолу партиянын жетекчилиги астында эл чарбасын калыбына келтирүүдө, ө. ж-нын индустриялаштырууда, а. ч-сын коллективдештирүүдө ж-а жаштарды аскердик патриотизмге тарбиялоодо зор иштерди жүргүзгөн. Улуу Ата Мек. согуштун мезгилинде Б. комсомолу элди баскынчыларга каршы күрөшкө мобилизациялоодо партиянын эң ишенимдүү жардамчысы ж-а күжүрмөн резерви болду. 1920-ж. Б. комсомолунун саны 3000 эле, 1974-жылдын 1-январында 1 186 422 адамга жетти. Б. комсомолу Кызыл Туу ордени (1945) ж-а Ленин ордени (1970) м-н сыйланган.

Профсоюздары. Б. профсоюздары — СССР профсоюзунун составдуу бөлүгү. 1905—07-жылдагы рев-я мезгилинде түзүлө баштаган. Массалык түзүлүшү 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин башталды. Б. профсоюздары парт. уюмдардын жетекчилиги астында соц. курулушка активдүү катышты. 1974-жылдын январында Б-нын профсоюзунун катарында 3,7 млн-дон ашык мүчөсү болду. Алардын карамагында 620 мад-т үйү, дворец ж-а клуб, 950 китепкана, 150дөн ашык мад-т уп-ти м-н туристтик базалар бар.

Эл чарбасы. Совет бийлигинин жылдарында Б. а. ч-сы абдан өнүккөн индустр. респ-кага айланды. Б-да машина жасоо, металл иштетүү, радиотехника, электроника, химия, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. өнүккөн. А. ч-сы картошка, узун булалуу зыгыр, мал чарба продукциясын ж. б. өндүрүүгө адистештирилген.

БССРдин энергетикасында чым кең ж-а сырттан алып келинүүчү отун пайдаланылат. Полесьеде нефть кени бар. Андан 1972-ж. 5,8 млн. *т* нефть алынган. Волга боюнан нефть түтүгү м-н келген нефтинин базасында Полоцкиде нефтини кайтадан иштетүүчү өлкөдөгү эң ири з-ддордун бири курулган, ушундай экинчи з-д Мозырде курулуп жатат. Ө. ж-га ж-а турмуш-тиричиликке керектүү жаратылыш газын Б. газ түтүгү аркылуу Украинадан алат. 1972-ж. 21 млрд. *квт·с* электр энергиясын иштеп чыгарды, бул 1940-жылдын деңгээлинен 42 эсе көп. ГРЭСтеринин эң ирилери — Лукомльский м-н Берёзовский. Респ-када 31,9 миң жүк ташуучу автомобиль (1972), 81,8 миң трактор (1972), 29,8 миң металл кесүүчү станок, 162,4 миң мотоцикл, 375 миң телевизор, 424,6 миң радио кабыл алгыч ж-а радиола, а. ч. машиналары, ЭЭМ, электр лампа, муздаткыч, саат, подшипник чыгарылат. Респ-када химия


Солигорск. Калий тузун чыгаруу комбинаты.

ө. ж. тез өсүп жатат. 1972-ж. 8105 миң *т* (шарттуу бирдиктерде) минералдык жер семирткич даярдалган, бул жалпы союздук өндүрүштүн 12,3%ин, ошонун ичинде калий жер семирткичтеринин 48,7%ин түзөт. Солигорск р-нундагы эң ири кендин базасында «Беларуськалийдин» 3 чоң комбинаты иштеп жатат. Петриково р-нунда төртүнчү комбинат курулууда. Химия ө. ж-нын азот жер семирткичин (Гродно ш.) ж-а суперфосфат чыгаруучу тармактары өнүгүүдө; хим. була, резина ж-а пластмасса буюмдары чыгарылат. Могилёвдо жасалма була комбинаты, Полоцкиде химия комбинаты, Бобруйскиде Белорус машина комбинаты, Лидада лак-боёк комбинаты, Пинскиде жасалма булгаары з-ду, Светлогорскиде жасалма була з-ду, Борисовдо пластмасса буюмдар з-ду, Барановичиде кебезден кездеме токуу комбинаты, Оршада зыгыр комбинаты сыяктуу ири ишканалары бар. Жыгач иштетүүчү ж-а кагаз жасоочу ө. ж-лары мебель, кагаз, фанера, шрецке ж. б. чыгарат. Жеңил ө. ж-нын кийим тигүү, килем токуу, трикотаж, бут кийим ултаруу ж. б. тармактары респ-канын керектөөлөрүн канааттандырат ж-а экспорт үчүн продукция берет.

БССРде сүт-эт берүү мал чарбасы өнүккөн. Респ-када а. ч-сына жарактуу 9,8 млн. *га* жер бар (1972), мындан айдоо аянты 6,1 млн. *га*. Дыйканчылыктын структурасы мал чарбасынын муктаждыгына ылайыкталган. 1972-ж. тоют өсүмдүктөрү айдоо аянтарынын 35,4%ин, картошка 16,2%, дан эгин — көбүнчө арпа, кара буудай, буудай — 43,3%ин ээлеген.

Б. транспортунун негизги түрлөрү — темир жол, автомоб., дарыя жолдору. Нефть, газ түтүктөрүнүн улам мааниси жогорулоодо.

Саламаттык сактоо. 1971-ж. ар миң адамга төрөлгөндөр 16,4тү, өлгөндөр 7,5ти (1913-ж. 25,5ти), балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 16,4тү (1913-ж. 180ди) түзгөн. Өмүрдүн орт. узактыгы 72 жаш (рев-яга чейин — 37 жаш).

1972-жылдын башында БССРде 94 480 койкалуу 1002 оорукана иштеген (10 миң адамга 106,6 койка), 1913-ж. 6445 койкалуу 240 оорукана (10 миң адамга 9,3 койка) болгон. Врачтык амбулатория-поликлиникалык 1454 мекеме, фельдшер-акушердик 2868 пункт (1913-ж. 139 ж-а 224) калкка мед. жардам көрсөтүп турган: мед.-санитардык 16 бөлүм ж-а врачтык саламаттык сактоочу 65 пункт эмгекчилерди ишканаларда тейлеген. 1972-жылдын башында Б-да 553 аялдар ж-а балдар консультациясы, 109 диспансер, 1134 аптека ж-а 3208 аптека пункту (1913-ж. жеке адамдардын 297 аптекасы болгон), санитардык-эпидемиялык 159 станция, мед. 3 ин-т


Гомель шаары. Дем алуу паркы.

(Минскиде, Витебскиде, Гроднодо) ж-а мед. 20 окуу жайы, Минскиде врачтардын билимин өркүндөтүү институ, мед. 9 ил. из. ин-ту, чоң кишилер үчүн 4940 койкалуу 21 санаторий, балдар үчүн 2770 койкалуу 24 санаторий, 4509 койкалуу 16 дем алуу үйү болгон. Дарылоочу-профилактикалык мекемелерде (тиш доктурларды кошо эсептегенде) 24446 врач (1913-ж. 1167) ж-а 75784 орто билимдүү мед. кызматкер (1913-ж. 2180) иштеген.

Саламаттык сактоо ж-а физ-ра иштерин өнүктүрүү үчүн респ-канын бюджетинен бөлүнүүчү каражаттар тынымсыз өсүп жатат: 1971-ж. 311,5 млн. сом, ал эми 1940-ж. 36,4 млн. сом бөлүнгөн.

Элге билим берүү, маданий-агартуу мекемелери. Б-да балдарды чиркөө китептери б-ча окутуу 11—12-к. эле жүргүзүлгөн. 16—17-к. протестанттык мектептер, басмаканалар ачылып, белорус тилинде алгачкы окуу китептери пайда болгон. Б. Россияга кошулгандан тартып, билим берүү өөрчүгөн. Окт. рев-ясынын жеңиши зор маданий өнүгүүгө алып келди. 1920-ж. чала сабаттуулар үчүн мектептер уюштурулат. 1940—41-окуу жылында 12 294 мектепте 1,7 млн. окуучу; 25 вуз, 128 атайын орто окуу жайында 56,6 миң студент окуган. Улуу Ата Мек. согуштун убагында нем.-фаш. баскынчылар көп мектептерди, балдар үйлөрүн, бакчаларын кыйратышкан. Согуштан кийин алар калыбына келтирилди. 1969-ж. 421 мектептен тышкары балдар мекемеси болгон. 1973—74-окуу жылында 9905 жалпы билим берүүчү мектепте 1852 миң, 130 атайын орто окуу жайында 152 миң окуучу, 29 вузда 148 миң студент окуган. 1973-ж. 7154 китепкана, 53 музей, 6196 клуб иштеген.

Илим жана илимий мекемелери. Табигый жана техникалык илимдер. Рев-яга чейин Б-да улуттук мад-ттын түзүлүшүнө ж-а илимдин өнүгүшүнө падыша өкмөтүнүн саясаты мүмкүнчүлүк берген эмес. Совет бийлиги орногондон кийин гана илимдин бардык тармактары өнүктү. 1919-ж. Горкиде а. ч. ин-ту ачылып, ал 1925-ж. академияга айланат. 1919-ж. Витебск ботан. багы, а. ч. мекемелеринин тажрыйба тармактары уюшулат. 1921-ж. Минскиде Белорус мамл. ун-ти (БМУ) ачылып, ал улуттук ил. кадрларды даярдоо борбору болуп калат. 1922-ж. респ-канын 1-ил. борбору — Белорус мад-т ин-ту уюшулуп, табигый байлыктарды изилдөөгө киришет. 1929-ж. анын базасында *Белорус ССР илимдер академиясы* түзүлгөн.

А. ч. ж-а токой чарба ил. из. ин-ттары, Бүткүл союздук Саз чарба ил. из. ин-ту, о. эле башка а. ч. тажрыйба станциялары, саз кургатуу ж-а пайдалануу (акад. Я. Н. Афанасьев, П. П. Рогова, мүчө-корр. А. Г. Медведев), картошка ж. б. өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун чыгаруу (акад. П. И. Альсмик), мал чарбасына тоют базасын түзүү, түшүмдү көтөрүү, токой ресурстарын өздөштүрүү маселелерин чечүүгө киришкен. Б-нын фаунасын 1-жолу системалуу түрдө изилдөө А. В. Федюшиндин жетекчилиги м-н жүргүзүлүп, согуштун алдында «БССРдин фаунасы» аттуу көп томдуу эмгекти түзүү башталган (И Н. Сержанин, акад. Н. М. Кулагин ж. б.). Акад. Н. А. Прилежаевдин кээ бир орг. бирикмелердин кычкылдандыруу жолун ж-а аларды колдонуу ыктарын ачышы, акад. В. В. Шкателовдун чайыр к-тасы, акад. О. К. Кедров-Зихман ж. б-дын биохимия б-ча жүргүзгөн изилдөөлөрү чоң мааниге ээ болду.

Немец фашист баскынчылары белорус илиминин өнүгүшүнө зор зыян келтирди. Көп илимпоздор согушта курман болду. Жог. окуу жайлары, ил. мекемелердин материалдык базалары, имараттары кыйрады. Баалуу нерселер Германияга ташылып кетти.

Согуштан кийин илим көбүнчө мурдагы эле багыттар б-ча өнүктү. Эл чарбасы үчүн зор мааниси бар жаратылыш байлыктарын изилдөө айрыкча күчөдү. «БССРдин флорасы» деген көп томдуу эмгек басылып бүттү (1959). Акад. И. Д. Юркевич В. токою б-ча көп жылдык изилдөөсүн жыйынтыктап, токойду калыбына келтирүү, көбөйтүү жагынан баалуу сунуштар берди. Чым кең ин-ту 1953-ж. «Белорус ССРинин чым кең фондусу» деген капиталдык эмгекти басып чыгарды. Анда чым кендүн түзүлүшү, ботан. ж-а хим. составы аныкталып, аны пайдалануу мүмкүнчүлүгү көрсөтүлгөн. М е д и ц и н а жагынан акад. Н. И. Гращенков, М. В. Кроль, Д. А. Марковдор неврология, акад. Б. И. Трусевич ж. б-лар жүрөк-кан тамыр системасынын ооруларын изилдешти. БССРде табигый ж-а тех. илимдер б-ча 50-жылдардын ортосунда зор өсүш болуп, азыркы кезде физ.-матем., физ.-тех. илимдер алдыңкы орунга чыкты. Буга бир чети автомобиль ж-а трактор, ж. б. машина куруу, приборлор жасоо, радиотехника ж-а химия ө. ж-нын өнүгүшү, бир чети Б-да жог. окуу жайлары, айрыкча БМУда физ.-матем., тех. дисциплиналар б-ча жаш кадрлардын даярдалышы түрткү болгон.

ИАнын Физ. ин-тунда, БМУда спектроскопия ж-а люминесценция б-ча ил. из. иштер жүргүзүлүп, спектроскопиянын теориялык бир катар маанилүү маселелери чечилди ж-а татаал молекулалар люминесценциясынын теориясы түзүлдү (бул үчүн Б. И. Степанов 1967-ж. С. И. Вавилов атн. алтын медаль м-н сыйланды). Төмөнкү темп-радагы плазмаларды диагноздоонун аппаратурасы ж-а жолдору иштелип чыкты (М. А. Ельяшевич, Лениндик сыйл., 1966). Б. И. Степановдун жетекчилиги м-н оптикалык кванттык генератордун расчетунун инж. методу иштелип, бир катар артыкчылыктары бар орг. боёгучтардын эритиндилеринде лазерди колдонуу ишке ашырылды. Физиканы өнүктүрүү, жог. квалификациялуу ил. кадрларды даярдоодогу ийгилиги үчүн 1967-ж. Физ. ин-ту Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. ИАнын Физ.-тех., Жылуулук ж-а масса алмашуу ин-ттары да маанилүү ил. из. жүргүзүүдө. Бул ин-ттар — Сов. Союзундагы башкы ил. уюмдардан. Жылуулук ж-а масса алмашуу ин-ту Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1969). Матем. ин-тунда (жетекчиси — Соц. Эмг. Баатыры акад. Н. П. Еругин), БМУнун матем. кафедраларында, о. эле 1965-ж. Матем. ин-тунун кибернет. лабораториясынын базасында (жетекчиси — ИАнын мүчө-корр. Г. К. Горанский) түзүлгөн Тех. кибернетика ин-тунда да ил. из. ийгиликтүү жүргүзүлүп жатат. Тех. кибернет. ин-тунда эсептөө техникасынын каражаттарынын жардамы м-н инж. автоматташтыруунун ж-а машина курууда долборлоону автоматташтыруунун теориялык, практикалык методдору иштелүүдө. Бул проблемалар б-ча ин-т — СССРдеги башкы ил. уюм.

Кийинки жылдарда биология б-ча да көп ил. иштер аткарылган. Соц. Эмг. Баатыры, акад. В. Ф. Купревичтин эмгектери кыртыштык энзимологияда жаңы багытка негиз салды. Ал б-ча кыртыштагы орг. заттардын ажыроо, синтезделүү процесстерин аныктоочу кыртыштык ферменттердин аракеттери изилденүүдө. ИАнын Физ.-орг. химия, Жалпы ж-а орг. эмес химия ин-ттарында, БМУда, Белорус а. ч. академиясында ж. б. жог. окуу жайларында, ил. из. ин-ттарында да иштеп жаткан химиктер табигый минералдык сырьёлордун ж-а цеолиттерди модификациялоонун негизинде бир катар жаңы адсорбенттерди, катализаторлорду алды (акад. Н. Ф. Ермоленко ж. б.).

Коомдук илимдер. БССР түзүлгөн соң (1919), маркстик философия б-ча системалуу ил. из. жүргүзүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылды. 1921-ж. БМУда, 1924-ж. Коммунисттик ун-тте филос. кафедралары уюшулат. 1922-ж. Минскиде СССРде 1-жолу маркстик философия б-ча окуу китеп чыкты. К. Маркс, Ф. Энгельстин айрым эмгектери, В. И. Лениндин томдору (1929—33, 6 т.; 1948—68, 41 т.) белорусча басылды. 1931-ж. БССР ИАсында Филос. ин-ту түзүлөт. Ата Мек. согуштан кийин филос. кадрлар көбөйүп, Философия ж-а укук ин-тунда Лениндин филос. мурастарын, коммунисттик курулуштун ж-а эл аралык коммунисттик кыймылдын, о. эле табият таануунун филос. проблемаларын, этика, эстетика, социол. маселелерин изилдөөгө өзгөчө көңүл бурулат. 1967-ж. БМУда социол. лаборатория ачылат.

Б. сов. историографиясы 20-к-дын 20-жылдары түзүлүп, өткөн замандын проблемалары м-н катар тарыхый-рев-чыл темалар изилдене баштайт. Ил. кадрлардын өсүшүнөн 50—60-ж. Б-да тарых илиминин деңгээли бир кыйла көтөрүлүп, «БССР тарыхы» (1—2-т., 1961), «Белоруссиянын Коммунисттик партиясынын тарыхынын очерктери» (1-бөлүк, 1961; 2-бөлүк, 1967), «Минскинин тарыхы» (1957) сыяктуу маанилүү эмгектер жарык көрөт. Улуу Окт. рев-ясы, Улуу Ата Мек. согуштун, Б-дагы партизандык кыймылдын тарыхына байланыштуу маселелер да изилденүүдө.

1926-ж. а. ч. ж-а токой чарба ил. из. ин-ттары, 1930-ж. ВЦСПСтин Эмгекти уюштуруу ж-а коргоо ин-ту, 1931-ж. ИАнын Экон. ин-ту ачылып, 1933-ж. БМУнун экон. ф-тетинин базасында Эл чарба ин-ту уюшулат. Көбүнчө экон. маселелер иликтенип, соц. өндүрүштү ил. негизде түзүү ж-а өнүктүрүү проблемалары изилденген. Согуштан кийин эл чарба тармактарынын конкреттүү экономикасына көңүл бөлүнүп, анын тарыхы иштеле баштайт. 1949-ж. «Белорус ССРинин социалисттик эл чарбасы» аттуу коллективдүү эмгек чыгат. 50—60-ж. экон. изилдөөлөр айрым маселелерди изилдөөдөн комплекстүү проблемаларды иштөөгө багытталат. Эл чарбасынын тарыхы да ийгиликтүү иштелип, «Белорус ССРинин эл чарбасы 40 жылда» (1957), «Советтик Белоруссиянын экономикасы. 1917—1967» (1967), «БССРдин экономикалык тарыхы» (1969) деген эмгектер жарык көрдү.

Рев-яга чейин Б-да бир дагы атайын юрид. окуу жайы, ил. из. мекемелери болгон эмес. Совет бийлигинин жылдарында ил. из. мекемелери ж-а БМУда юрид. ф-тет ачылып иштеп жатат. Укук маселелери б-ча 1968-ж. «Белорус ССРинин мамлекеттик башкаруу органдары (1919—1967)» ж. б. коллективдүү эмгектер жазылды.

Б-да 1940-ж. 67 ил. мекеме (жог. окуу жайлары м-н) 2227 ил. кызматкер болсо, 1969-ж. ил. мекемелер (жогорку окуу жайлары м-н) 176га, аларда ил. ж. б. мекемелерде, уюмдарда иштеген ил. кызматкерлердин саны 20 631ге жеткен. Респ-канын ил. кызматкерлеринин ичинде 128 акад. ж-а мүчө-корр. (1974-ж. 1-янв.), илимдин 383 доктору ж-а 5012 кандидаты (1970-ж. сент.) болгон. Респ-канын ил. борбору — Илимдер академиясы.

Басма сөз, радио уктуруу, теле көрсөтүү. Б-да китеп басууну 16-к-да Франциск (Георгий) Скорина негиздеген. Ал Библия, Псалтырь ж. б. китептерди белорус тилине которуп, 1517—20-ж. Прагада басып чыгарган. Окт. рев-ясына чейин орус тилинде чыгуучу офиц. бир нече газетадан башка жеке адамдар ж-а чиркөө чыгарган басма сөз болгон. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында жалпы росс. рев-ялык кыймылдын таасири астында Б-да «Искра», «Вперёд», «Пролетарий» сыяктуу большевиктик газеталар таратылып, жашырын прокламациялар, баракчалар чыгарылып турган. Биринчи легалдык газета «Звезда» Минскиде 1917-ж. 27-июлда (9-авг.) чыккан. Ушул эле жылы «Советская правда» ж-а армиялык бир нече газета басылган. Совет бийлигинин жылдарында басма сөз тез өнүктү. Белорус тилинде: «Звязда» («Жылдыз», 1917), «Чырвоная змена» («Кызыл смена», 1921) ж. б. газеталар ж-а «Вожык» («Кирпи», 1941), «Маладосць» («Жаштык», 1953), «Полымя» («Жалын», 1922) журналдары, орус тилинде «Советская Белоруссия» (1927), «Знамя юности» (1938) газеталары чыгат. Белорус телеграф агентствосу (БелТА) ачылды, полиграфия, басмасы өстү. 1973-ж. бир жолку тиражы 4468 миң нуска м-н 172 газета (мындан 134ү белорус тилинде), тиражы 1 875 миң нуска м-н 128 журнал, тиражы 30 248 миң нуска болгон 2 636 китеп ж-а брошюра чыкты. 1925-ж. Минскиде биринчи радио уктуруу, 1956-жылдан теле көрсөтүү башталган. Гомелде, Брестте, Витебскиде, Гроднодо телестудиялар бар.

Адабияты. Белорус ад-ты элдин эң бай оозеки чыг-лыгынан, орустарга, украиндарга, белорустарга жалпы мурас болуп

сапалган *Киев Русу* доорунун ад-тынан башталат. Белорус ад-тын бастыруу ишин гуманист, агартуучу Франциск Скорина (1490-ж. чен — 1552-ж. чен) баштаган.

Б-нын Россияга кошулушу белорустардын орус мад-тын үйрөнүшүнө, өздөштүрүшүнө ж-а өзүлөрүнүн жаңы ад-тын өнүктүрүүгө түрткү берди. Улуттук ад-тын өнүгүшүндөгү жаңы этап 1905—07-жылдагы рев-я мезгилинен башталат. Улуу Окт. соц. рев-ясы белорус ад-тынын өркүндөп-өсүшүнө толук шарт түздү. Белорус совет ад-тынын биринчи чыг-ларын Я. Купала, Я. Колас түзгөн. К. Чорный (1900—1944), М. Чарот (1896—1937), К. Крапива (1896-ж. т.) ж. б-лар белорус совет ад-тын өнүктүрүүгө бир кыйла зор салым кошушкан. Бат. Белоруссия БССРге кайра кошулгандан кийин, белорус совет жазуучуларынын катарына М. Танк (1912-ж. т.), Ф. Пестрак (1903-ж. т.), В. Тавлай (1914—1947), М. Машара (1902-ж. т.) ж. б. кошулду.

Белорус жазуучуларынын Улуу Ата Мек. согуш жылдарында түзгөн чыг-ларында Ата Журтка болгон чексиз сүйүү, душманды жек көрүү ж-а жеңишке ишенүү абдан күчтүү. Согуштан кийинки жылдары Я. Колас «Тогуз жолдун тоомунда» трилогиясын ж-а «Балыкчынын тамында» поэмасын жазып бүткөн; М. Лыньков «Унутулгус күндөр» роман-эпопеясын (1—4-т.) түзгөн (1951—58). И. Шамякиндин «Терең агым» (1949), И. Мележдин «Минск багыты» (1949—52), П. Бровканын «Дарыялар кошулган кезде» романдары, М. Танк, П. Панченко, А. Кулешов, П. Глебка, К. Кирпенко, А. Пысин, Р. Бородулин ж. б-дын ырлары м-н поэмалары жаралды. Кийинки жылдарда И. Шамякиндин «Алакандагы жүрөк» (1964), Я. Брылдын «Куштар жана уялар» (1966), И. Мележдин «Саздагы адамдар» (1961) ж-а «Күркүрөктүн илеби» (1965-ж. чыккан, 1972-ж. Лениндик сыйлыкка татыктуу болгон) романдары, П. Бровканын «Күндөр өтүп жатат...» (1961-ж. чыккан, 1962-ж. Лениндик сыйлыкка татыктуу болгон);



Эл акыны Я. Коластын мүрзөсүнүн үстүндөгү эстелик.

П. Панченконун «Чагылгандын жарыгында» (1966), М. Танктын «Чагылгандын изи» (1967) ырлар жыйнагы ж. б. жарык көрдү. Проза, драматургия, поэзия м-н катар адабий сын ж-а ад-т таануу ийгиликтүү өнүгүп жатат. Я. Купала, Я. Колас, П. Бровка, А. Кулешов ж. б. белорус жазуучуларынын чыг-лары СССР элдеринин тилдерине которулган.

Архитектура жана сүрөт искусствосу. София собору (1044—66, Полоцк), Спас-Ефросиньевск (К. К. Полоцк) чиркөөсү сыяктуу Киев Русу мезгилиндеги архитектуранын эстеликтери Б. жергесинде азыркыга чейин сакталган. Феодализм доорунда крепостной ж-а дворецтик-замоктук архитектура өнүккөн. Мис., Каменец мунарасы (Белая Вежа, 1276) ж-а Новогрудок, Лидадагы чептер, замоктор ж. б. 19-к-дын 1-жарымында Б-нын архитектурасы орус классицизминин таасиринде өнүккөн (Гомелдеги, Витебсктеги ж. б. жерлердеги дворецтер). 19-к-дын 2-жарымында 20-к-дын башында ө. ж. ж-а соода имараттары тургузула баштайт.



Гомель ш., областтык пионер дворецы. (Паскевич дворецы).

Совет бийлигинин жылдарында коомдук, гражд. ж-а ө. ж. имараттарынын эң зор курулушу башталды. 30-жылдары Минскиде Өкмөт үйү, В. И. Ленин атн. китепкана, опера ж-а балет театры курулат. Б-нын азыркы кездеги архитектурасы шаар куруу илиминин соңку жетишкендиктерин пайдаланып жатат.

Респ-канын Архитекторлор союзу 1934-ж. түзүлгөн. БССРдин шаарларын курууга ж-а алардын ген. пландарын иштеп чыгууга арх-лор: А. П. Воинов, Г. В. Сысоев, С. С. Мусинский, И. Г. Лангбард, Л. П. Капкевич, В. А. Король, Г. В. Заборский, В. П. Гусев ж. б-лар активдүү катышты. Сүрөт өнөрүнүн Б-дан табылган эң байыркы эстеликтери таш дооруна таандык. Элдин кол өнөрчүлүгү, асыресе жыгачка кооздоп оюу салуу, керамика, вергерчилик, токуу, сайма саюу Б-да эзелден бери өнүккөн. Алтын ж-а күмүш жиптер м-н кештеленген слуцкилик курлар дүйн. орнаментиканын тарыхына кирген. Сүрөт тартуу өнөрүнүн бардык түрлөрү м-н жанрлары өзгөчө совет доорунда ылдам өнүгө баштады. Сүрөт тартуу өнөрүнүн ишмерлери БССР художниктеринин союзуна 1938-ж. биригишкен. Живописчилер И. О. Ахремчик, В. К. Цвирко, В. В. Волков ж. б-лар сов. чындыкты көрсөткөн мыкты чыг-ларды түзүүдө. Графиктердин ичинде А. Кашкуревич, А. С. Последович, Г. Г. Поплавский ж. б., театр художниктеринин ичинде С. Ф. Николаев, П. В. Масленников, О. П. Маринс, Е. Г. Чемодуров бар. А. К. Глебовдун, А. О. Бембелдин, З. И. Азгурдун, А. А. Аникейчиктин, С. И. Салиханов ж. б-дын эмгектери скульптуранын бир кыйла зор жетишкендиктеринен болуп саналат.

Музыкасы. Б-нын муз. фольклорунда обондуу лирикалык ырлар көп. О. эле салт болуп калган календардык, үй-бүлө, үрп-адаттык, ар түрдүү темадагы күлкү-тамашалуу ж-а рев-чыл ырлар да бар. Б-нын бий күүлөрүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү — шайырлыгы, темпинин тездиги, өлчөмүнүн тактыгы. Бийлеринин ичинен эң белгилүүлөрү: «Лявониха», «Бульба», «Янка», «Метелица». Салттуу муз. аспаптары: цимбал, белорус лирасы, скрипка, жалейка, сурнай ж. б. «Селолук идиллия» деген биринчи белорус операсы Минскиде 1852-ж. коюлган (музыкасын С. Монюшко, текстин В. Дунин-Марцинкевич жазган). Б-да композитордук чыг-лыктын ж-а муз. билимдин проф. өнүккөн түрлөрү совет доорунда түзүлгөн. Консерватория, опера ж-а балет театры, составында БССРдин симф. оркестри, БССР мамл. эл оркестри бар филармония уюштурулган, Б-нын Акад. хор капелласы (уюштурган ж-а көп жылы жетекчилик кылган — Г. Р. Ширма), БССР мамл. эл хору (Г. И. Цитович), БССР мамл. бий ансамбли түзүлгөн. Б-да муз. 8 окуу жайы бар. Улуттук опера ж-а балет репертуарларын түзүүгө А. Богатырев, Е. Тикоцкий, А. Туренков, Н. Аладов, Д. Лукас, Г. Пукст, Ю. Семеняко, М. Кроннер, В. Золотарев, Е. Глебов, Г. Вагнер катышкан.

Б-нын атактуу композиторлору: Н. Чуркин, Н. Соколовский, В. Оловников, Д. Каминский, П. Подковыров, Д. Абелсович, И. Лученок. Б-да Л. Александровская, И. Болотин, М. Денисов, Р. Млодек, Т. Нижникова, Н. Ворвулев, З. Бабий ж. б. деген вокал өнөрүнүн чеберлери бар.

Театры. Б-нын театр өнөрүнүн негиздери байыркы үрп-адаттардан ж-а элдик оюндардан башталат. Б. 16-к-дан тартып элдик театрдын кеңири тараган түрү — «батлейка» куурчак театры болгон, анын сахнасында диний-насаат темасындагы пьесалар ж-а элдик турмуштан алынган гражд. сатиралык интермедиялар коюлган. 18-к-дан тартып Шклово С. Зоричтин, Несвиждеги княз Радзивиллдин, Слонимде княз М. Огинскийдин крепостук театрлары, драмалардан оюн көрсөтүүчү театрлар түзүлөт; элдик драма пайда болот. Мектеп театрларында Симеон Полоцкийдин пьесалары коюлган.

19-к-дын орто ченинде драматург В. И. Дунин-Марцинкевич жарым-жартылай проф. биринчи театр түзгөн. 1917-ж. актёр ж-а реж. И. Т. Буйницкий мүнөздөр труппасынан белорустардын проф. биринчи театрын уюштурган. Б-нын улуттук театрын түзүүдө Я. Купала м-н Я. Коластын драматургиясы зор роль ойногон. Б. улуттук искусствосу, ошонун ичинде театры да Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин гана гүлдөп өстү. Б-нын мамл. биринчи драма театры (1945-жылдан Я. Купала атн.) 1920-ж. Минскиде уюштурулган. Б-нын мамл. экинчи драма театры (1945-жылдан Я. Колас атн.) 1926-ж. Витебскиде түзүлгөн. Б-да 1920-жылдан баштап актёр ж-а драматург В. И. Голубок жетекчилик кылган көчмө театр иштеген. 1932-ж. ал Б-нын үчүнчү драма театры (Гомель) болуп түзүлгөн. 30-жылдары Заславлде, Гомелде, Борисовдо, Полоцкиде, Рогачевдо, Речицада, Дзержинскиде, Слуцкиде, Лепелде, Мозырде ж-а Бобруйскиде колхоз-совхоз театрлары пайда болду. 1928-жылдан бери БССРде мамл. орус драма театры иштейт. 40—50-жылдары Брестте, Гродно, Могилёвдо, Гомелде обл. театрлар түзүлөт. Б-нын сов. театрын түзүүгө режиссёрлор ж-а актёрлор В. Голубок, Ф. Жданович, Е. Мирович, В. Крылович активдүү катышат. Театр өнөр ишмерлеринин арасында Г. П. Глебов, В. И. Владомирский, А. К. Ильинский, П. С. Молчанов, Б. В. Платонов, Н. А. Мицкевич, Л. И. Ржецкая, К. Н. Санников, В. И. Дедюшко, Л. Г. Рахленко, З. Ф. Стомма ж. б. бар.

Киносу. Б-да хроника-документтик биринчи сюжеттер 1919—20-ж. тартылган. 1924-ж. Ленинградда «Белгоскино» уюму, 1928-ж. «Советская Беларусь» киностудиясы түзүлгөн (1939-жылдан Минскиде иштейт), 1946-жылдан «Беларусьфильм» деп аталат. Документ фильмдер 1925-жылдан чыгарыла баштаган. 1926-ж. «Токой окуясы» (реж. Ю Тарич) деген биринчи көркөм фильм чыккан. Андан кийин «Кастусь Калиновский» (1928, реж. В. Гардин), «Биринчи завод» ж-а «Багыт издегендер» (1933, 1936, реж. В. Корш-Саблин), «Поручик Киже» (1934, А. Файнциммер), «Эл жолу төрөлгөн» (1934, Э. Аршанский), «Он биринчи июль» (1938, Ю. Тарич) ж. б. көркөм фильмдер түзүлдү. Согуштан кийин «Константин Заслонов» (1949, В. Корш-Саблин ж-а А. Файнциммер), «Кызыл жалбырактар» (1958, Корш-Саблин), «Биздин коңшуларыбыз» (1957, С. Сплошнов), «Саат түн жарымында токтоп калган» (1959, Н. Фигуровский), «Атасын издеген кыз» (1959, Л. Голуб), «Чебер усталардын шаары» (1965, В. Бычков), «Москва—Генуя» (1964, реж. А. Спешнев; В. Корш-Саблин ж-а П. Арманд катышкан), «Альпы балладасы», «Мен, Франциск Скорина» (1966, 1970, Б. Степанов) ж. б. фильмдер чыгарылды. Белорус кино ишмерлеринин арасында кинорежиссёрлордон В. Корш-Саблин, Э. Аршанский, Ю. Тарич, Л. Голуб, В. Туров, Б. Степанов ж. б. бар.

Ад.: История Белорусской ССР, 2 изд., т. 1—2, Минск, 1961; География Белоруссии, Минск, 1965; Белоруссия, М., 1967 (серия «Советский Союз»); Корунин Д. М., Геология и полезные ископаемые Белоруссии, Минск, 1962; Борьба за Советскую власть в Белоруссии. Сб. документов и материалов, т. 1, Минск, 1968; Победа Советской власти в Белоруссии, Минск, 1967; Кравченко И. С. и Залесский А. И., Белорусский народ в годы Великой Отечественной войны, Минск, 1959; Всенародное партизанское движение в Белоруссии в годы Великой Отечественной войны (июнь 1941—июль 1944), Документы и материалы в 3 тт., т. 1 (июнь 1941 — ноябрь 1942), Минск, 1967; Очерки истории Коммунистической партии Белоруссии, ч. 1. (1883—1920), 2 изд., ч. 2. (1921—66), Минск, 1967—68; Петрашкевич А. Л., Комсомол Белоруссии в семилетке, Минск, 1962; Белорусская ССР в цифрах в 1965 г., Минск, 1966; Очерк истории белорусской советской литературы, М., 1954; Проблемы современного белорусского искусства, Минск, 1968.

БЕЛОРУС ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ — БССРдин жог. илимий мекемеси. 1929-ж. белорус мад-т ин-тунун базасында Минскиде негизделген. Академияда 1974-ж. 60 академик ж-а 68 мүчө-корр. болгон. Академиянын составында 31 ил. из. мекемесин бириктирип турган 5 бөлүмү (физика-матем., физика-тех., химия ж-а геол., биол., коомдук илимдер) бар. Фундаменталдуу китепкана (1968) иштейт. Академияда 7 сериядан турган «Известия» (1948-жылдан белорусча ж-а орусча), «БССР ИАнын докладдары» ж-а илимий журналдар, ин-ттардын эмгектери ж. б. басылып чыгарылат. Эл Достугу ордени м-н сыйланды (1975).

БЕЛОРУС ТЕМИР ЖОЛУ 1953-ж. май айында уюшулган. Башкаруу борбору Минскиде. Жол Белоруссиянын аймагын (97%тен ашыгы), азыраагы УССРди ж-а Литваны басып өтөт. Б. т. ж-нун уз. 5400 *км* (1970), же СССРдеги т. ж-дун 4%ин түзөт. Б. т. ж. СССРдин Түн.-Бат. р-ндорун ж-а Прибалтиканы Түш.-Бат. р-ндор, Донбасс ж-а Днепр бою м-н байланыштырып, ПЭР ж-а ГДР м-н трансп. катнашын камсыз кылат. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде (1941—45) нем.-фаш. баскынчылар тарабынан т. ж. линиялары кыйратылган. 1950-ж. кайрадан калыбына келтирилген. Б. т. ж. аркылуу көмүр, темир, курулуш материалы, эгин, автомоб., трактор, нефть ж. б. ташылат. Жүктү жөнөтүүчү ж-а кабыл алуучу ири пункттары: Полоцк, Брест, Витебск, Могилёв ж. б.

БЕЛОРУС ТИЛИ — белорус калкынын тили. Славян тилдеринин чыг. тобуна кирет. Б. т-де 8 млн-дон ашык адам (1970) сүйлөйт, алардын көпчүлүгү БССРде. Байыркы жазма эстеликтери 13-к-га таандык. Б. адабий тилинин өсүшүнө Белоруссияда китеп басып чыгарууну негиздеген Франциск (Георгий) Скорина (1490—1541-ж. чамасы) таасир тийгизген. Белоруссиянын Россияга кошулушу (1795) Б. адабий тилинин калыптанышына мүмкүндүк берди. Б. т. түн.-чыг. ж-а түш.-бат. диалектиге бөлүнөт. Азыркы Б. адабий тили түш.-бат. говорлорунун негизинде түзүлгөн.

БЕЛОРУС УНИВЕРСИТЕТИ В. И. Ленин атындагы 1921-ж. Минскиде ачылган. БССРдин 30 жылдыгында (1949) В. И. Лениндин ысымы коюлган. 1969—70-окуу жылында Б. ун-тинде 13 ф-тет, сырттан окуу ж-а даярдоо бөлүмдөрү, аспирантура, 85 кафедра, эсептөө борбору, 10 ил. из. лабораториясы, ботан. багы, биол. станциясы, окуу-тажрыйба чарбасы, музейлери, китепканасы болгон. 2 сериялуу «Белорус университетинин кабарлары» (1969) чыгат. 1969—70-окуу жылында ун-тте 16,4 миң студент окуган. 1400 окутуучу ж-а ил. кызматкер, анын ичинде 77 проф., илимд. доктору, 394 доцент ж-а илимд. кандидаттары иштеген. 1967-ж ун-т Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

БЕЛОРУСТАР (өздөрүн беларустар деп аташат) — улут, орустар, украиналыктар м-н бирге чыг. славян элине кирет. БССРдин негизги калкы. СССРдеги Б-дын саны 9052 миң (1970). Польшада ж-а Түн. Америкада да бар. Белорус тилинде сүйлөшөт. Жашаган жерине карай Б. полещуктар ж-а пинчуктарга бөлүнөт. Динге ишенгендеринин көпчүлүгү православие дининде, түн.-батышында католиктер ж-а униаттар бар. Дрегович, кривич, радимич, древлянин, северянин, волынянин деген чыг. славян уруулары Б-дын байыркы этникалык уюткусун түзүп, башка тектеш уруулары м-н бирге Киев Русуна кирген да, байыркы орус эли болуп калыптанган. Феод. бытырандылыктан тартып 18-к-га чейин Белоруссиянын жери Улуу Литва княздыгына (13—14-к.), Речь Посполитаяга (16-к.) караган. 16-к-да белорус эли калыптанып бүткөн. Польша бөлүштүрүлгөндөн кийин (1772, 1793, 1795), Белоруссия жери Россиянын составына кошулат. Капитализмдин өнүгүшү м-н Белоруссиянын айрым областтарынын арасында экон. ж-а маданий байланыштар чыңдалып, 19-к-да белорус улуту түзүлөт. Окт. рев-ясынан кийин Б. соц. улутка биригишти. Совет бийлигинин жылдарында калктын таптык составы түп тамырынан бери өзгөрүлдү: эмгек ж-а турмуш шарттары жаңырып, улуттук мад-ты жогорулады, к. *Белорус Советтик Социалисттик Республикасы.*

БЕЛОСТОК СТАЧКАЛАРЫ (1895, 1905) — Польшанын ири ө. ж. райондорунун бири болгон Гродно губ-дагы Белосток у. м-н Белосток ш-нын жумушчуларынын стачкасы. 1) 1895-жылдагы Б. с. 14-августта башталып, 3 жумага созулган, ага Белосток ш. м-н уезддин ф-каларынын 10 миңден ашык жумушчусу катышкан. Жумушчулар эмгек акысын жогорулатууну ж-а иштөө шартын жакшыртууну талап кылышкан. Бирок ал орундалган эмес. 2) 1905-жылдагы (12—24-окт.) Б. с. 1905-жылдагы *Октябрдагы Бүткүл россиялык саясий стачка* м-н бир мезгилде өттү. Стачканы темир жолчулар баштап, 18-октябрда аларга шаар м-н уезддин ө. ж. жумушчулары, кызматчылар, арабакечтер, сатуучулар, студенттер кошулушту. Стачканын жүрүшүндө Жумушчу депутаттар советтери түзүлүп, ага эсерлер м-н анархисттер жетекчилик кылган. Оппондуктан Совет которулуштун органы боло алган жок.



М. Л. Белоцкий.

БЕЛОУСОВ Владимир Владимирович (1907-ж. т.) — сов. геолог, СССР ИАнын мүчө-корр. (1953). СССР ИАнын Жердин физикасы ин-тунун геодинамика бөлүмүнө башчы (1944). Москвадагы геол. чалгындоо ин-тунун (1943) ж-а МГУнун (1953) проф. Негизги эмгектери тектоника, тектонофизика ж-а геофизиканын жалпы маселелерине арналган. Жер кыртышынын термелүү кыймылынын тарыхын изилдөөчү жаңы метод таап, аны Кавказ м-н Орус платформасынын геол. тарыхын үйрөнүүдө колдонгон. Бул аймактардын өсүп-өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, шартын аныктап, аны бүт Жер жүзүнүн өнүгүшүн изилдөөгө пайдаланган. *Бүктөлүүлөрдү* бир нече типке бөлгөн. Жер катмарынын тик багыт б-ча кыймылын Жердин өсүп-өнүгүшүндө биринчи орунга койгон. «Үстүңкү мантиянын проектиси» деген эл аралык уюмду түзүүгө демилгечи ж-а анын комитетинин пред-ли (1960). 3 орден ж-а бир нече медаль м-н сыйланган.

Чыг.: Общая геотектоника, М.—Л., 1948; Структурная геология, М., 1961; Земная кора и верхняя мантия материков, М., 1966; Земная кора и верхняя мантия океанов, М., 1968.

БЕЛОУСОВА жана ПРОТОПОПОВ — түгөйлөшүп фигуралык муз тебүү б-ча СССР спортуна эмг. сиц. мастерлер (1964). Белоусова Людмила Евгеньевна (22. 11. 1935-ж. т.) — инженер. Протопопов. Олег Алексеевич (16. 7. 1932-ж. т.) — педагог. 1955-жылдан бери бирге фигуралык муз тебүүгө катышат. СССРдин (1965—68), дүйнөнүн (1965—68), Европанын 68), дүйнөнүн ж-а Олимпиадалык оюндардын (Инсбрук, 1964; Гренобль, 1968) чемпиондору. Б. ж-а П. орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕЛОЦКИЙ Морис Львович (1895—1938) — сов. партиялык ж-а мамл. ишмер. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. 1918-жылдан КПССтин мүчөсү. 1919—20-ж. Украинадагы Липовец ж-а Умань ш-ларында ревкомдун ж-а укомдун секретары, 1920—24-ж. Жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясынын 1-Атчандар армиясында 11-дивизияга комиссар, Москвадагы Аскер академиясынын аскер комиссарына жардамчы; 1924—29-ж. СССРдин Бухара Эл Респ-касындагы консулу,

ВКП(б) Скопин укомунун уюштуруу бөлүмүнө башчы, секретарь, РКП(б)-нин Түн. Кавказ крайкомуна жооптуу инструктор; 1929—33-ж. Түн. Кавказ крайындагы ВКП(б)нин Миллерово окружкомуна секретарь, ВКП(б)нин Түн. Осетия обкомуна секретарь; 1931—32-ж. Москвадагы марксизм-ленинизм курсунда окуган. 1932—33-ж. СССР Осоавиахиминин пред-лине орун басар; 1933—37-ж. ВКП(б)нин Кыргыз обкомуна биринчи секретарь.

БЕЛ-ӨРҮК (өрүктүү бел деген мааниде) — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы Бел сельсоветине караштуу кыштак. «Бел-Өрүк» к-зунун аймагында, Эски-Ноокат — Кызыл-Кыя шоссе жолунун боюнда, р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 15 *км* бат. тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 40 *км*. Калкы 2085 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БЕЛ-ТЕРЕК, Жапаш — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Киров сельсоветине караштуу кыштак. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 55 *км*, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 110 *км*. Калкы 803 (1974). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

БЕЛУГА (Huso huso) — осетр тукумундагы промыселдик баалуу балык. Денесинин уз. 9 *м* ге, салм. 1—1,5 *т* га чейин. Каспий, Кара, Азов, Адрия деңиздеринде жашап, уругун (0,5—5 млн.) таштоо үчүн дарыяларга чыгат. Б. балыктар (сельд, хамса ж. б.) м-н азыктанат. Уругу башка урууга кирген осетрлерге караганда ири келип, даамдуу кара икраны даярдоодо колдонулат.

БЕЛУЖ ТИЛИ — негизинен Пакистан (1 млн-го жакын), Иран (600 миңдей), Афг-н (600 миңдей), Индия (50 миңдей) ж-а Аравия ж. а. м-н СССР-де (Түркм-н) жашаган белуждардын тили. Иран тилдеринин түн.-бат. тобуна кирет. Ирандагы ж-а Пакистандагы белуждар адабий тил катарында фарс тилин колдонуп келишкен. 20-к-дын 40-жылдарынан тартып Пакистанда Б. т-де жазылган (араб алфавити м-н) адабий чыг-лар пайда боло баштайт.

БЕЛУЖДАР (өздөрүн балуч, балоч деп аташат) — Пакистан, Индия, Иран, Афганстан ж-а СССРде (Түркм-н, Таж-н) жашаган эл. Жалпы саны 2 млн-дон ашык (1967), СССРде 12600 (1974). Белуж тилинде сүйлөшөт. Мусулман-суннит done дининде. Негизги кесиби — көчмөн малчылык ж-а дыйканчылык. Б. тууралуу биринчи маалымат 9- ж-а 10-к-дагы араб географтарынан учурайт. Ал кезде Б. Керман м-н анын чыгышындагы Систанда жашаган. *Эфталилердин* (б. з. 5-к.), *селжуктардын* (11-к-дын башында), *монголдордун* (13-к.) жортуулдарынын ж-а Тимурдун басып алууларынын (14-к.) натыйжасында Б. акырындык м-н Түштүк, андан кийин Чыгыш жакка ооп, Белужстан (Пакистанда) деп аталган чоң аймакты ээлешет. Түркм-ндын терр-ясына Б. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында келишкен.

БЕЛУЖСТАН — Азиядагы тарыхый область, Иран тайпак тоосунун түн.-чыгышында. Аянты 0,5 млн. *км²* ден ашык. Калкы 2 млн-го жакын. Чыг. Б. Пакистандын, Бат. Б. Ирандын составына кирет. Байыркы убакта Б-да мака, гедрос ж. б. элдер жашагандыгы белгилүү. О. кылымда Араб халифатынын составына, *Газневилер, Селжуктар, Хулагулер, Тимурилер* мамлекеттерине кошулган. 17-к-дын башында Б-да феод. бир нече княздык түзүлүп, алардын башкаруучулары Сефевилерге ж-а *Улуу Моголдорго* вассал болушкан. Насир-хан Белуж ал княздыктарды бириктирип, өзүн афган *Меррани* шахтарынын вассалымын деп эсептеген. 19-к-да Б-га англичандар басып кире баштаган. 1854, 1876- ж-а 1879-жылдагы договорлор б-ча, Чыг. Б. Англияга баш ийдирилип, Брит. Б. ж-а Белуж княздыктарынын федерациясы болуп бөлүнгөн. Бат. Б. 1849—57-жылдан Ирандын составына кошулган. Брит. Б. 1947-ж., Белужи княздыктарынын федерациясы 1948-ж. Пакистанга кирген. Чыг. ж-а Бат. Б-дын чек аралары Иран-Пакистан договору (1956-ж. 29-окт.) б-ча белгиленген.

БЕЛУ-ОРИЗОНТИ — Бразилиянын түш.-чыгышындагы шаар. Минас-Жерайс штатынын админ. борбору. Калкы 1167 миң (1968). Т. ж. тоому. Өлкөдөгү тоо-кен ө. ж. (темир, марганец, алтын) р-нунун борбору. Кара металлургия, полигр., кездеме токуу, тамак-аш ө. ж. ж-а ун-т бар. Б. 1895-ж. негизделген.

БЕЛУХА — Алтайдагы эң бийик чоку. Катунь кырка тоосунда. Абс. бийикт. 4506 *м*. Гранит, гнейс ж-а метаморфизмделген сланец тоо тектеринен түзүлгөн. Капталдарында жалпы аянты 70 *км²* ге жеткен мөңгүлөр (Катунь, Берель ж. б.) жатат.

БЕЛФАСТ — Улуу Британиядагы шаар. Түн. Ирландиянын саясий ж-а экон. борбору. Аянты 73 *км²*. Калкы 399,3 миң (1966). Түн. кысыктын жээгиндеги порт, т. ж. тоому, аэропорту бар. Улуу Британияда жасалуучу кемелердин 7—8% Б-та чыгарылат. Ири авиац. з-д, электр тех., текстиль машиналарын куруу, аркан чыгаруу, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. ишканалары айрыкча өнүккөн. Ун-т (1845), технол. колледж, сүрөт галереясы бар.

БЕЛЫЙ — Түн. Муз океанынын Карск деңизиндеги арал, Ямал ж. а-нан Малыгин кысыгы аркылуу бөлүнүп турат. Аянты 1900 *км²*. РСФСРдин Тюмень обл-нын Ямал-Ненец улут округунун карамагында. Аралдын бети түзөң (бийикт. 24 *м* ге чейин), тундра өсүмдүктөрү м-н капталган. Көлдөрү көп.

БЕЛЬГИЯ, Бельгия Королдугу — Бат. Европадагы мамлекет. Түш.-батышынан Франция, түндүгүнөн



Нидерланддар, чыгышынан ГФР ж-а Люксембург м-н чектешет. Түн.-батышын Түндүк деңизи чулгап жатат. Аянты 30,5 миң *км²*. Калкы 9727 миң (1973). Борбору — Брюссель. Админ. жагынан 9 провинцияга бөлүнөт.

Мамлекеттик түзүлүшү. Б.—конституциялык монархия. Конституциясы 1831-ж. кабыл алынган. Мамл.



Гент шаарынын борбордук бөлүгү.

башчысы — король. Анын колунда формалдуу түрдө көп бийлик бар: министрлерди дайындайт, бошотот, эл аралык келишимдерди түзөт, жогорку башкы командачы болуп эсептелет. Чындыгында мунун баарын өкмөт аткарат. Закон чыгаруу бийлиги парламентке таандык, ал 212 депутаты бар өкүлдөр палатасынан, 178 сенатору бар сенат палатасынан турат. Экөө тең 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Ар бир провинциянын эли 4 жылга провинциялык советти шайлашат, анын аткаруучу органы — туруктуу депутация. Аны король дайындаган губернатор башкарат. Жогорку сот органы — кассациялык сот. Апелляциялык (лат. appellatio — кайрылуу, даттануу) соту да бар. Бардык соттору өмүр бою кызмат кылууга дайындалат. Мамл. гербин ж-а мамл. желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макаласынын таблицасынан.

Табияты. Жеринин кобү түзөң келип, түн.-батышынан түш.-чыгышына карай көтөрүлүп отурат да, табигый

шартка ылайык 3кө бөлүнөт. Б-нын ойдуңдуу бөлүгү, буга түндүктөгү Фландрия ж-а Кампин ойдуңдары (бийикт. 50 *м* ге чейин); ортоңку бөлүгүнө күдүрдүү түзөңдөр (бийикт. 180 *м* ге чейин) ж-а дөңсөөлүү бөлүгүнө түш.-чыгыштагы Арденн (694 *м* ге чейин Ботранж) тоо массиви кирет. Кампинде, Маас ж-а Самбр д-ларынын өндүрүндө көмүр көп. Арденн тоосунда темир, полиметалл (коргошун, цинк, жез) сурьма кендери бар. Гранит, мрамор, шагыл өңдүү курулуш материалдарынын запасы арбын.

Климаты мелүүн, деңиздик. Янв.—февралдын орт. темп-расы деңизге жакын р-ндордо 3°С, борб. р-ндордо 0°С, Арденнде — 1°С. Июлда 18, 19°С, Арденнде 14°Сге жакын. Жылдык жаан-чачын 700—900 *мм*, Арденнде 1250 *мм*. Чоң д-лары: Маас ж-а анын куймалары Самбр, Лис. Кышында тоңбойт, кеме жүрөт. Деңиз жээктери м-н бойлору күлдүү аллювиалдык чөкмө топурактуу, калган жерлери күл, токойлуу жерлери боз топурактуу. Жеринин 18% токойлуу (айрыкча Арденн). Жапайы жаныбарлары: марал, элик, доңуз, мадыл, кундуз; илбээсинге бай.

Калкы. 1973-жылдын 1-январында Б-да 9727 миң киши жашаган. Улуттук составы б-ча 2ге бөлүнөт: фламанддар (56%тен ашыгы), валлондор (40%ке жакыны, алар француз тилинде сүйлөшөт). Мында немец, француз, италиян ж. б. элдер жашайт. 1 *км²* жерге 316 киши (1968) туура келет. Мамл. тили — француз ж-а фламанд тилдери. Калкынын көпчүлүгү католик дининде.

Тарыхый очерки. Б. жерине б. з-дан 300 жыл мурда бельгиялыктардын кельт уруусу (өлкөнүн аты ушундан коюлган) отурукташкан. Б з. 3—5-к. Б-нын терр-ясына герм. франк уруулары көчүп келишет. 5—9-к. Б-нын терр-ясы Франк мамлекетинин составында болот, мында анын феод. мамилелери калыптана баштайт. Франк мамлекетинин кулашы м-н Б. терр-ясы 843-жылдагы *Верден договору* б-ча ж-а андан кийинки бөлүштүрүүлөрдүн натыйжасында ар кайсы мамлекеттерге бөлүнөт. Б-нын жеринин бат. жагы Бат. Франк королдугуна тиешелүү болуп, анда 9-к-да Фландрия графтыгы түзүлгөн, чыгышы Германиянын составындагы Лотарингия герцогдугуна кошулган. 11—12-к. Лотарингия феод. бытырандылыкка учураганда, ал жерде бир нече феод. княздыктар түзүлгөн. Феодализмдин өнүгүшүнө байланыштуу 10—12-к. шаар курулушу, жүндөн кездеме токуу, металл иштетүү, соода өнүгөт. 12-к-да Бельгия Европанын «мастерскою», эл аралык соода түйүнүнүн борбору болот. Франция м-н Англиянын ортосундагы жүз жылдык согуш башталганда (1337—1453), бельгия княздыктарынын бир бөлүгү (Геннегау, Брабант) англиялыктардын тарабына, Льежск епископтугу француздар тарабына кошулушкан. 14—15-к-дын акырында Б-нын терр-ясы (1384-ж. Фландрия, 1430-ж. Брабант) Бургундия мамлекетине кирет. Бургундия мамлекети кыйрагандан кийин, Б-да *Габсбургдар* династиясы (1477, толугу м-н 1482) орнойт. 15-к-дын башында Б. терр-ясына 17 провинция (Б-нын азыркы терр-ясы, Нидерланддар, Люксембург ж-а Түн. Франциянын бир бөлүгү) кирип, ал Нидерланддар деп аталган. Европадагы өлкөлөрдө капит. мамилелер өнүгө баштаганда, Нидерланддар алдыңкы орунга чыккан. Капит. мамилелердин өнүгүшүнө исп. абсолютизм ж-а анын таянычы — католик чиркөөлөрү, феод. дворяндардын бир бөлүгү, патрициаттар тоскоол болду. Бул карама-каршылыктар Нидерланддарды алгачкы бурж. рев-янын майданына айлантты. Рев-я м-н кошо антифеод. күрөш ж-а абс. Испанияга каршы улуттук-бошт. кыймыл күч алган [к. *Нидерланд буржуазиялык революциясы (16-к.)*]. 1576-жылдагы көтөрүлүш Б-нын провинцияларында исп. бийликти жок кылуу м-н аяктаган, Нидерланддардын түн. провинциялары м-н келишим түзгөн. Бирок Б-дагы феод.-католиктик реакция Испания м-н союз түзүп, демокр. кыймылды баскан. 1579-ж. Валлондо (артта калган провинция) Аррас униясы түзүлүп, Испанияга 1585-ж. Б-нын Фландрия, Брабант ж. б. провинцияларын басып алууга мүмкүнчүлүк берген. Түн. Нидерланддар (Голл. Респ-касы) ж-а Түш. Нидерланддар (Б-нын терр-ясы) саясий, экон. жактан эки түрдүү жол м-н өнүккөн. Көз каранды эмес Голл. Респ-касынын экономикасы гүлдөп, Испаниянын колунда калган Түш. Нидерланддардын экономикасы төмөндөгөн, капитализмдин өнүгүшү токтогон. Исп. мурас үчүн болгон согушта (1701—14) Нидерланддар Австрияга өткөн. Франциядагы улуу рев-янын таасири астында Б. провинцияларында улуттук-бошт. кыймыл күчөгөн.

18-к-дын 80-жылдары А. ван дер Ноот башында турган консервативдик ж-а Вонк жетекчилик кылган либералдык партия түзүлдү. 1789-ж. октябрда австр. үстөмдүккө каршы Брабантта көтөрүлүш чыгып, ал Б-нын бардык провинцияларын кучагына алган. 1789—90-ж. Брабант рев-ясынын учурунда австриялыктар Б-нын провинцияларынан куулуп, 1790-ж. 11-январда көз каранды эмес Б. кошмо штаты жарыяланды. Бирок австр. өкмөт консерваторлор м-н либералдардын чыр-чатактарынан пайдаланып (1790-жылдын акырында), өлкөгө бийлигин кайрадан орнотот. 1794-ж. 26-июнда Франциянын рев-чыл аскери Флёрюста австр. аскерлерди жеңгенден кийин, Б. провинциялары Францияга бириктирилет да, Наполеондун империясы кыйраган соң, *Вена конгрессинин (1814—15)* чечимине ылайык Б. провинциялары Голландияга кошулуп, Нидерланд королдугу деп аталган. Англ. дипломатиянын аракети м-н түзүлгөн бул королдуктун ичинде биримдик болгон эмес. Б-тар голландиялыктарга каршы күрөшүп келген.

1830-ж. 25-августта башталган Брюсселдеги бурж. рев-я (Бельгия рев-ясы, 1830) голл. үстөмдүктү кулатты. 1830-ж. 10-ноябрдагы Улуттук конгресс Б-ны көз каранды эмес өлкө деп жарыялады. 1830-ж. 20-декабрда беш улуу державанын (Россия, Улуу Британия, Франция, Австрия ж-а Пруссия) Лондондогу конф-ясы Б-нын суверенитеттүүлүгүн таанып, 1831-ж. январда аны түбөлүк бейтараптуу мамлекет деп жарыялады. 1831-ж. Улуттук конгрессте кабыл алынган конституция өлкөдө конституциялык монархияны белгиледи. 19-к-дын ортосунда Б. Европадагы жумушчу табы өнүккөн ө. ж-луу өлкөлөрдүн бири болуп калды. 19-к-дын 50-жылдары Б-да 1-жумушчу уюмдар (Гентте «Токуучулардын боордоштук коому», Брюсселде «Күжүрмөн демократиянын шериктештиги») пайда болот. 60-жылдардын 2-жарымынан баштап Б-нын жумушчуларынын арасында 1-Интернационалдын таасири күчөйт. 1879-ж. соц. партия негизделип, анын базасында 1885-ж. апрелде Б. жумушчу партиясы (БЖП) түзүлдү [ал 1941-жылдан баштап Б. соц. партиясы (БСП) болуп аталат]. 19-к-дын 70-жылдарынан баштап Леопольд II баш болгон Б-нын башкаруучу чөйрөлөрү Африканы бөлүүгө катышты. Б. 1-дүйн. согуштун жылдарында бейтараптыкты сактаса да, экон. жактан Англия м-н Францияга тарткан. Бул согушта Б-ны (Фландриянын бир аз бөлүгүнөн башкасын) герм. аскерлер басып алды. 1-дүйн. согуштан кийин Б-да рев-ялык кыймыл өстү. 1919-ж. шахтёрлордун ири иш таштоолору чыгып, натыйжада алар 8 сааттык жумуш күнүнө жетишип, эмгек акынын эң төмөнкү өлчөмүнө чек койдурушат.

Улуу Окт. соц. рев-ясынын таасири м-н 1919—20-ж. коммунисттик топтор түзүлө баштайт. 1920-жылдын алгында ошол топтордон Бельгия коммунисттик партиясы (БКП) түзүлдү. Б. 1- ж-а 2-дүйн. согуштардын аралыгында импер. державалардын (Франция, Улуу Британия, АКШ) бардык эл аралык акцияларына катышып келди. 1940-ж. 10-майда немец армиясы Б-нын бейтараптыгын бузуп, анын терр-ясын басып кирди. Б-нын өкмөтү жардам сурап Улуу Британия м-н Францияга кайрылды. Б. элинин агрессорлорго каршылык көрсөтүүгө чечкиндүү экендигине карабастан, бельг. армиянын башкы командачысы король Леопольд III чыккынчылык кылып, 1940-ж. 28-майда капитуляция ж-дөгү актыга кол койду. Оккупацияланган Б-дан фашисттер бардык демокр. уюмдарды жок кылды. БКПден башка партиялар гитлерчилер м-н байланышып кетишти. Оккупациянын алгачкы жылдарында Б-да көз каранды эмес патриоттук фронт уюму түзүлүп, каршылык көрсөтүү кыймылынын куралдуу отряддарын БКП жетектеди. 1944-ж. сентябрда Б-нын терр-ясы немец фашист баскынчыларынан бошотулду.

2-дүйн. согуштан кийин БКП башында турган демокр. кыймыл күч алып, Б-нын башкаруучу чөйрөлөрүн бир катар реформа жүргүзүүгө мажбур кылды. Африкада улуттук-бошт. күрөштүн күч алып турган шарттарында Б-нын башкаруучу чөйрөлөрү өздөрүнүн колониялары — Конгого (1960) ж-а Руанда-Урундиге (1962) көз каранды эместигин берүүгө аргасыз болду. Б-нын башкаруучу чөйрөлөрү 1960-ж. Патрис *Лумумба* башкарган закондуу Конго өкмөтүнө каршы козголоң уюштурушту. Өлкөнүн ички ж-а сырткы карама-каршылыктарын чече албаган өкмөт улам алмаша берди. 1973-ж. январда СХП, БСП, ЭПП партияларынын өкүлдөрүнөн турган өкмөт түзүлдү. Бирок өлкөнүн алдында турган саясий, экон. проблемалар мурдагы бойдон калды. Конго кризиси Б-нын ички абалын кыйындатып, 1960-ж. декабрда өлкөнүн тарыхындагы эң ири жалпы иш таштоо болду (1961-ж. 22-январга чейин созулду). 1966-ж. Лимбург провинциясында шахтёрлордун иш таштоосу болуп, аны бүткүл өлкөнүн эмгекчилери колдоду. 50—60-жылдары Б-нын жумушчу табы турмушту жакшыртуу, саясий реформаларды ишке ашыруу үчүн күрөштү. БКП ө. ж-ды мамлекеттин карамагына өткөрүп, ишканаларда жумушчу контролдугун орнотуу аркылуу монополиянын бийлигин чектөө, согуштук чыгымды азайтуу, саясий түзүлүштү демократташтыруу, НАТОдон чыгуу ж. б. программаларды иштеп чыкты. Бул программалар БКПнин 19-съездинде (1968) жактырылып, Б-нын коммунисттерин башында жумушчу табы турган демокр. фронтту түзүүгө ж-а монополияга каршы күрөштү күчөтүүгө чакырды. Б.— ООНдун мүчөсү (1945). 50-жылдын 2-жарымынан баштап СССР м-н ишкердүү байланыш түзө баштады. 1956-ж. маданий кызматташтык ж-дөгү келишимге кол койду. 1969-ж. экон. ж-а ил.-тех. кызматташтык б-ча сов.— бельг. келишим түзүлдү.

Саясий партиялары, профсоюздары. Социал-христиан партиясы (СХП) Католиктик партиянын негизинде 1945-ж. түзүлгөн. Ага ири финансы буржуазиясынын, католиктик духовенствонун, ири жер ээлөөчүлөрдүн ж-а католик-эмгекчилердин өкүлдөрү кирет. Бельгиянын социалисттик партиясы (БСП) 1885-ж. негизделген (1940-ж. чейин — Бельгиянын жумушчу партиясы). Ал майда буржуазиянын бир бөлүгүн, эмгекчилердин басымдуу бөлүгүн бириктирет. Соц. интернационалга кирет. Эркиндик ж-а прогресс партиясы (ЭПП, 1961-жылга чейин — Либералдык партия) 19-к-дын 20-жылдарында пайда болгон. Ал буржуазиянын ар кандай катмарларынан, о. эле интеллигенциянын айрым бөлүктөрүнөн турат. Элдик союз — фламанддык улутчул уюмдардан 1954-ж. түзүлгөн. Бельгия-

ның коммунисттик партиясы (БКП) 1921-ж. негизделген. Б-да профсоюз уюмдары 19-к-дын 50-жылдарында пайда болгон: Бельгиянын бүткүл эмгек федерациясы (1954), Христиан профсоюздардын жалпы конфедерациясы (1930) ж. б.

Экономика-географиялык очерки. Б.— Бат. Европадагы индустриясы өнүккөн өлкөлөрдүн бири. Конго элин ж-а табигый байлыктарын эксплуатациялоо Б-нын экономикасынын өнүгүшүндөгү негизги булак болгон. 1960-жылдан баштап Б-нын экон. айрым кыйынчылыкка (тышкы соодасы м-н сырьё фондусунун начарланышы ж. б.) учурашына байланыштуу мында чет өлкөлүк капиталдын таасири күчөгөн. Б-нын ө. ж. жакшы өнүккөн, бирок өзүндө керектүү сырьё аз. Энергет. баланста 30% көмүрдүн, 60% нефтинин үлүшүнө тиет. Атом электр станциясы бар (Антверпен провинциясы).

Иштеп чыгаруучу ө. ж. импорттук сырьё м-н иштейт, негизги тармагы — оор индустрия, химия. Жеңил ө. ж-нан тамак-аш, текстиль жакшы өнүккөн. Кара металлургия — ө. ж-дын негизги ж-а мыкты өнүккөн тармагы; Б. болот эритүү, түстүү металлургия продукцияларын өндүрүү б-ча капит. дүйнөдө 7-орунду ээлейт. Анын 60%-ке жакыны экспорттолот. Ө. ж-дын маанилүү тармагы машина куруу, анын продукциясынын 40% сыртка чыгарылат. Антверпен, Гент ш-да автомоб. жыйноочу (бөлүктөрү көбүнчө чет өлкөлөрдөн алып келинет, алардын ичинде «Волга», «Москвич» машиналары да бар) иш-каналары бар. Хобокен, Тамиз ж. б. ш-ларда кеме, Льежде локомотив жасоочу з-д иштейт. Электр тех. ө. ж. да жакшы өнүккөн. Чет өлкөлөрдөн алып келинген нефть Антверпен портуна жакын жердеги ө. ж-на жумшалат. Б-да курулуш материалдарын чыгаруу иши да өнүккөн. Айнекти экспортко жөнөтүү б-ча Б. дүйнө жүзүндө 1-орунда. Бат. ж-а Чыг. Фландрияда кездеме токуу ө. ж-лары бар. Жүндөн, кендирден, пахтадан, жасалма буладан жип ийрилет, кездеме, килем токулат.

Өлкөнүн экономикасында а. ч-ны: ролу анчалык чоң эмес. Б.— майда ж-а орто фермерлер өлкөсү. Көбүнчө сүт, эт бере турган мал асыралат. 1970-ж. малдын саны (миң эсебинде): уй 2825 (сааны 1016), чочко 4282, кой 89, жылкы 59, тоок 29 баш болгон. А. ч-га жарамдуу жери 1,6 млн. *га* (1967), анын 60%-не тоют өсүмдүктөрү айдалат. Б-да буудай, кара буудай, арпа, сулу эгилет. Жылына 2 млн. $м^3$ жыгач даярдалат. Деңизден жылына 60 миң *т* балык кармалат. Т. ж. жыштыгы б-ча дүйнөдө 1-орунда (уз. 4,5 миң *км*, 1969), ички суу жолдору 1,6 миң *км*, автомоб. жолдору 10 миң *км*.

Саламаттык сактоосу. 1968-ж. ар миң кишиге төрөлгөндөр 14,8, жалпы өлүм 12,8, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 23тү (1967) түзгөн. Жугуштуу эмес патология көп таралган. Өлүмдүн негизги себептери: атеросклероз, жүрөк оорулары, рак шишиктери, мээде кан айлануунун бузулушу. Ооруканалар көбүнчө түрдүү коомдук уюмдарга, диний коомдорго ж-а жекече кишилерге таандык. 1966-ж. 75,1 миң оорукана койкасы болгон. 1968-ж. 16,4 миң врачы, 2,3 миң тиш врач, 6 миң фармацевт, 3,8 миң акушер иштеген. Врачтарды Брюссель, Гент, Льеж ж-а Левен ун-ттеринин мед. ф-тети даярдайт.

Эл агартуусу. 1914-жылдан баштап 6—14 жаштагы балдарга жалпыга милдеттүү билим берүү ж-дө закон кабыл алынган. Б-да мамл. ж-а чиркөөгө таандык мектептер бар. Католик мектебинде окуучулар көп. Эл агартуу тармагынын башталгыч звеносу —мектепке чейинки балдарды тарбиялоочу 3—6 жаштагы балдар мекемелери. 1969-ж. анда 460 миң бала тарбияланган. 1968—69-окуу жылында мамл. башталгыч мектептерде ж-а проф. мектептерде 1663 миңге жакын, тех. окуу жайларында 146 миң окуучу окуган. Б-да 21 ЖОО бар, анын бешөө ун-т. 1968—69-окуу жылында ун-ттерде 90 миңге жакын студент окуган. Брюсселде улуттук китепканалары бар. Антверпенде Королдук көркөм өнөр музейи иштейт.

Басма сөз, радио уктуруу, теле көрсөтүү. Б-да 1968-ж. күн сайын чыгуучу 50гө жакын газета ж-а 53 журнал, мезгилдүү басма сөздүн дагы башка түрлөрү чыгып турган. Француз ж-а фламанд тилинде чыгуучу эң ири газеталары: ЭППтын органы — «Суар», «Хет латсте ньивс», СХПнин органы—«Либер Бельжик», «Тан Нуво», БСП органы—«Фолкс газет», «Пёпль», БКПнин органы — «Дропо руж», «Роде Ван» ж. б. 1924-жылдан радио уктуруу, 1953-жылдан теле көрсөтүү жүргүзүлөт. Буларды улуттук радио уктуруу ж-а теле көрсөтүү ин-ту жетектейт. Радио уктуруу 3, теле көрсөтүү 2 программа б-ча берилет, радио ж-а теле борбору Брюсселде.

Адабияты. Б. ад-ты эки тилде өнүккөн. Француз тилиндеги алгачкы жазма эстеликтер 12-к-да пайда болгон. О. кылымдагы Б. ад-тынын негизги жанры тарыхый хроникалар, крестүүлөрдүн жортуулдары, рыцарлар ж-дөгү дастандар, поэзиттер болгон. 15-к-да новелла жаралат. Кайра жаралуу доорундагы гуманист Ж. Лемер да Бельж чиркөө зомбулугуна каршы күрөшкөн. Б. ад-ты 17-к-да диний согуштар м-н цензуранын күч алышына байланыштуу өсө алган жок. 1756-ж. Льежде «Энциклопедиялык журнал» чыгарылып, ал француз агартуучуларынын идеяларын пропагандалаган. 19-к-дын башында Б. ад-тында романтизм дүркүндөгү (1830) ад-тагы реалисттик агымдын күчөшүнө ж-а коомдук теманын өсүшүнө шарт түзүлдү. 90-жылдары В. ад-тында символизм күчөйт. Өөрчүп келаткан тап күрөшүнөн сестенген үстөмдүк кылуучу таптардын өкүлдөрү декаденттикке кабылды. М. Метерлинк (1862—1942) драмаларында («Сүрөттөгөн. М. Гоше, Л. Кристоф, Р. Вивенин ж. б-дын чыг-ларында 1-дүйн. согуш-до баяндалат. Фашисттердин курман болгон коммунист-акын Р. Блин антифашисттердин кайраттуулугун дала-шызмге каршы күрөш, патриоттуулук кортарга ж-а гуманист, көз караштарга байланыштуу болгон. М. Карем, Ж. Норж, А. Берйе, Ж. де Бошер сыяктуу акындардын лирикасы азыркы Б. поэзиясында өзүнчө мааниге ээ. Фламанд тилиндеги ад-т 18-к-дын башына чейин Нидерланд ад-тынын бөлүгү болгон (*к. Нидерланд адабияты*). Б-да 18-к-да франц. мад-ттын өнүгүшүнөн улам улуттук фламанд ад-ты төмөндөп кеткен. Бирок улуттук-демокр. көйгөйдүн өнүгүшү фламанд мад-тынын жогорулашын шарттаган. Фламанд романтиктери агартуучу, улуттук тилдин өнүгүшү үчүн күрөшүүчү болушкан. Акын, тарыхчы ж-а филолог Я. Ф. Виллеме «Бельгиялыктарга» деген ырында фламанд элинин өткөндөгү баатырдыгын даңазалаган. Романтик Х. Консианс тарыхый ж-а социалдык романдарында («Фландрия Арстаны» 1838, ж. б.) реалисттик багытка негиз салган. 19-к-дын 2-жарымында сын реализмине жакын болгон демокр. ад-т өнүгөт. С. Бёйсс, С. Стрёвелстин чыг-ларында фламанд дыйкандарынын турмушу көрсөтүлгөн. 20-к-дын башында декаденттик чыг-лар (Стрёвелс) жаралып баштаган. 2-дүйн. согуштан кийин тынчтыкты, демократияны жакташкан М. Дейзе, П. ван Акен сыяктуу прогрессчил жазуучулар чыкты. Б. каршылык көрсөтүү күймылынын катышуучусу, коммунист-акын М. Крат адамдарды тынчтык ж-а социалдык адилеттүүлүк үчүн күрөшкө чакырган ырларды жазды.

Архитектура жана сүрөт искусствосу. В. терр-ясында кельт ж-а байыркы рим иск-восунун эстеликтери бар. Б. ө. кылымда көркөм мад-ттын ири борборуна айланып, роман стили (11—12-к.), готика (13—14-к.) өнүгүүнүн жог. даражасына жеткен. 1566—1609-ж. бурж. рев-ялан кийин Б. иск-восунда өзүнчө мектеп пайда болуп, бул 18-к-дын акырына чейин фламанд иск-восу деп аталып келген. 17-к-дан



Антверпен. Рубенстин эстелиги.



Олуп Гудуланын чоң чиркөөсү.



1



2



3



4



5



6



7



8

Белорус ССР макаласына. 1. Минск обл., Можа д-сы. р-нунун Гастелло к-зунда арпа жыйноо. 5. Лельческий 2. Толоченский р-ну, «Реконструктор» асыл-тукум з-дунун р-нунда мелиорация иштери. 6. Картошка жыйноо. 7. эгилме жайыты. 3. Зубрлар. Беловежский коругу. 4. Минск З. Азгур. Робиндранат Тагор. 1956. 8. Минск обл., Мольдечко ш., Район аралык эл чыгармачылыгынын көргөзмөсү.



1



2



3



5



4



6



7



8



9



10

Белорус ССР макаласына. 1. Брест сепили. 2. Витебск обл., Новополоцк ш., нефтини кайра иштетүүчү з-д. 3. Витебск обл., Орша ш., «Катюша» эстелиги. (Ушул жерден немец фашист аскерлерине биринчи жолу «катюша» атылган). 4. Жодино ш., «БелАЗ» з-дунун даяр продукциялар аянты. 5. Минск обл., Несвиж ш., Радзивилдердин зынданы (азыр санаторий). 6. Минск ш., Физкультура ин-тунун имараты. 7. Минск радиозаводунда. 8. Минск ш., Вокзал аянты. 9. Минск ш., Эл чарба жетишкендиктер көргөзмөсү. Башкы



П. П. Рубенс. Комеристканын портрети 1625-ж. Ленинград. Эрмитаж.

сүрөт өнөрүндө П. П. Рубенс көрүнүктүү орун ээлейт. А. ван Дейк, Я. Йорданс, Ф. Снейдерс ж. б. сүрөтчүлөр анын чыглык салттарын уланткан. Б-да архитектуранын «модерн» стилинин калыптанышы 19-к-дын 80-жылдарына таандык. 1945-жылдан кийин турак үйлөрдү, коомдук имараттарды ж. б. курууда азыркы кездеги архитектуранын принциптери (арх. Х. ван Кёйк, Р. Брам ж. б.) колдонулган. Реалисттик образдарды жаратуу И. Опсомердин сүрөттөрү м-н Ш. Лепленин скульптураларында көрүндү. В. элинин турмуштиричилигин, күрөшүн килем бетине түшүргөн оймо-чийме сүрөттөр (Р. Сомвиль, Э. Дюбренфо, Л. Дельтур) өзгөчө мааниге ээ. Б-да эл чыгармачылыгынын кеңири тараган түрлөрү: темирден, жезден коз буюмдар жасоо ж-а жыгач оюу ж. б.

Музыкасы. Б-нын музыкасы азыркы Б-нын аймагында жашаган элдердин—нидерланд маданий салттары м-н байланышкан фламандыктардын (өлкөнүн түн. бөлүгүндө) ж-а француз мад-тынын таасири астында өнүккөн (түш. бөлүгү) валлондордун улуттук муз. салттарынын негизинде түзүлгөн. *Кайра жаралуу* доорундагы франкофламанд мектеби деп аталган Б. профессионал муз. мад-ты 15—17-к-дагы Европа полифониялык иск-восунун калыптанышында чоң роль ойноду. Көрүнүктүү өкүлдөрү: А. Вилларт, О. Лассо ж. б. 17-к-дан тартып Б-нын музыкасынын авангарддык ролу төмөндөйт. А. Э. М. Гретри, Ф. Ж. Госсек сыяктуу эң белгилүү композиторлор Францияга иштеп кеткен. Б. көз карандылыктан кутулуп, өз алдынча мамл. болгондон кийин гана улуттук композиторлор мектеби калыптанды. 19-к-дын 2-жарымында Б. музыкасы фламанддык багыттын баштоочусу комп. Петер Бенуа болсо, валлондук багытты О. Дюпон, Г. Леке, Ж. Йонген өнүктүрүштү. Скрипкада ойноо б-ча улуттук мектеп ачылды (А. Вьётан, Э. Изаи, Ю. Леонар ж. б.). Б-нын азыркы белгилүү муз. ишмерлери: Ж. Абсиль, Р. Дефоссе, дирижёрлор Ф. Андре, Д. Дефо; скрипач А. Грюмьо ж. б. Брюсселде опера театры, консерватория, улуттук симф. оркестр ж-а муз. коомдор бар.

Театр. Б-нын театр мад-ты француз ж-а фламанд тилинде өнүккөн. Театр иск-восу о. кылымдагы диний ырым-жырымдарды аткаруудан башталган. 16—17-к. театр иск-восунун өөрчүшүнө диндик куугунтуктоолор ж-а согуштар жолтоо болгон. 18-к-да Брюсселде «Де Ла Монне» ж-а «Дю Парк» театрлары ачылган. Б-нын көз карандылыктан кутулушу (1830) улуттук мад-ттын өсүшүнө түрткү болду. Фламанд тилинде оюн койгон бир нече жаңы театр ачылды. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында драматург-символисттер М. *Метерлинк* ж-а анын шакирти Ш. ван Лербергдин пьесалары коюлат. 19-к-дын 90-жылдары коомдук ж-а жумушчу кыймылынын өсүшүнө байланыштуу Э. Верхарндын (1898) «Таң» аттуу социалдык драмасы коюлган. Б-дагы 20-к-дын залкар драматургдары—Ф. Кроммелинк, М. Гельдерод, Х. Клоссон, Х. Тейрлинк, Г. Мартенс. Сахна өнөрүнүн улуттук мектеби Б-да калыптана албады, анткени Б-нын көрүнүктүү актёрлорунун ж-а режиссёрлорунун көпчүлүгү башка өлкөлөрдө (негизинен Францияда) иштешет. «Дю Парк», «Галери», «Королдук улуттук театр», «Нидерланддык камералык театр» сыяктуу эски театрлар м-н катар Брюсселде «Ле Ридо», «Де ла Бурс» театрлары ж-а Генттеги мамл. труппалар ж. б. оюн көрсөтүшөт. Театр ишмерлерин Брюсселдеги Королдук консерватория ж. б. даярдайт.

Кино. Б-да фильмдер 1908-жылдан чыгарыла баштайт. 1-дүйн. согуштан кийин бир катар киностудиялар пайда болот. 20-жылдары 20га жакын көркөм фильм чыгарылган. 20-жылдардын аягында кино реж-лор Ш. Декёкелер, А. Строк ж. б-лар европ. кинонун, анын ичинде сов. кинонун жетишкен ийгиликтеринин таасири м-н эксперименттик фильмдерди тартышып, кино өнөрүнүн таасирдүү жаңы ыкмаларын иштеп чыга башташат. Айрыкча алар документ кино б-ча ийгиликтерге жетишти. Реж-лор П. Хасартс, Э. Дежелен, Л. Деруазинин ж. б. табият көрүнүштөрүн баяндаган фильмдер, иск-во таануу ж-а этногр. фильмдер чоң ийгиликке жетишкен.

Ад.: Панков Ю. Н., Современная Бельгия, М., 1963; Ренар К., Октябрь 1917 года и бельгийское рабочее движение, пер. с франц., М., 1968; Стрелецкая Л. Н. Бельгия. Экономико-географическая характеристика, М., 1962; Андреев Л. Г., Сто лет бельгийской литературы, [М.], 1967 (имеется библ.); Бельгийское искусство конца XIX—XX веков от Менье до Пермеке. Каталог, М., 1956.

БЕЛЬГИЯ РЕВОЛЮЦИЯСЫ (1830)— Нидерланд королдугунун бельг. провинцияларындагы бурж. рев-я. Бул рев-янын натыйжасында 1815-ж. Голландияга зордук м-н кошулган Бельгия өз алдынча бөлүнүп чыккан. Б. р. 1830-ж. 30-августта Брюсселде голландиялыктардын үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүштөн башталган. Анын чыгышына Франциядагы 1830-жылкы июль рев-ясы түрткү берген. 1830-ж. 21—27-сентябрдагы куралдуу кагылышта голл. аскерлер жеңилип калган. Б. р-нда жумушчулар м-н кол өнөрчүлөр чечүүчү күч болсо да, бийликти эзүүчү таптын өкүлдөрү ээлеп кеткен. Өлкөдө бурж. убактылуу өкмөт түзүлүп, 1830-ж. 10-ноябрда бельг. Улуттук конгресс Бельгияны көз каранды эмес мамл. деп жарыялаган, ал эми 1831-ж. бурж.-демократиялык конституция кабыл алынган.

БЕЛЬГИЯНЫН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (БКП) Коминтерндин сунушу б-ча, Бельгия Коммунисттик партиясы (1920) ж-а Ж. Жакмотт башында турган Коммунисттик партиянын (1921) биригишинен 1921-ж. 4-сентябрда түзүлгөн. БКП шахтёрлордун иш таштоосуна (1932), стачкалык салгылашууларга (1936) активдүү катышкан. Анын демилгеси б-ча, биримдик фронт комитеттери түзүлгөн. 1940-ж. 10-майда БКПге тыюу салынып, ал жашырын абалга өткөн. Фаш. оккупация жылдары (1940—1944) БКП Каршылык көрсөтүү кыймылын ж-а партизандар армиясын уюштурууга демилге көтөргөн. Бельгия боштондукка чыкканда (1944), БКПнин өкүлдөрү өкмөт составына кирген, бирок реакциячыл чөйрөлөр 1947-ж. мартта аларды өкмөт составынан чыгарткан. 50-жылдары БКПнин таасири бир аз бошоңдоп, 60-жылдардын башынан кайра мурдагыдай күчөй баштады. Ал ийкемдүү саясат жүргүзүп, антимонополиялык фронт түзүү аркылуу өлкөдө соц. коомду куруу ж-а улут маселесин туура чечүү программасын иштеп чыкты. Азыр ошол багытта иш жүргүзүп жатат. БКПнин делегациясы Москвада өткөн Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелерине (1957, 1960, 1969) катышып, алардын документтерин жактырган. БКПнин 15 000 мүчөсү бар (1972). Уюмдаштыруу принциби — демокр. централизм. Партиянын жог. органы —съезд. 1971-ж. БКПнин 20-съезди болду. Борб. басма сөз органы — «Драно раж», «Роде Ваан» (экөө тең «Кызыл Туу» маанисинде). Теориялык органы — «Кайе марксист» журналы.

Ад.: Ренар К., Октябрь 1917 года и бельгийское рабочее движение, [пер. с франц.], М., 1968; XII Национальный съезд Коммунистической партии Бельгии, пер. с франц., М., 1958.

БЕЛЬКАНТО (итал. bel — сонун, canto — ырдоо) — ырчылардагы аткаруучулук чеберчиликтин ашкан бийик стили. Б. кубултуп аткаруусу, көркөмдүүлүгү, ашкере уккулуктуулугу, обондук агымдын кооздугу м-н айырмаланат. Ал 17-к-дын ортосунда Италияда улуттук опера өнөрүнүн ж-а ырчылар мектебинин өнүгүшүнөн келип чыккан. Б. улам жаңы эмоциялык белгилер, вокалдык кооз боёктор м-н байын, башка улуттардын ырчылык өнөрүнө таасир тийгизген.

БЕЛЬЦЫ — Молдован ССРиндеги шаар (1818), Реут д-нын (Днестрдин алабы) боюнда. Калкы 101 миң (1970). Респ-канын түндүгүндөгү ири ө. ж. ж-а маданий борбору, шоссе ж-а т. ж. тоому. Тамак-аш ө. ж. (май, эт комбинаты, вино-коньяк з-ддору), машина ж-а прибор куруу (а. ч. машиналары, электр тех. ж. б.) з-ддору, тигүү ж-а мебель ф-калары, пед. ин-т, мед. окуу жайы, политехникум, муз. драма театр, тарыхый-край таануу музейи бар.

БЕЛЬЭТАЖ (фр. bel — сонун, étage — ярус) — оюн көрүүчү залдын бенуары (ложалардын партерге деңгээлдеш катары) м-н амфитеатрынын үстүндөгү биринчи ярусу.

БЕЛЯЕВ Павел Иванович (26. 6. 1925—10. 1. 1970) — СССРдин учкуч-космонавты, полковник, Сов. Союз. Баатыры (1965). 1949-жылдан КПССтин мүчөсү. 1942-ж. орто мектепти бүтүрүп, заводдо иштеген. 1943-ж. өзү каалап аскер катарына кирген. 1945-ж. Ейск авиац. дениз учкуч-истребителдер окуу жайын, 1959-ж. Аскер-аба академиясын (азыр Гагарин атн.) бүтүргөн. «Восход-2» космос кемесинин командири катары А. А. *Леонов* м-н бирге космоско учкан. Ал башкар-




П. И. Беляев. В. Я. Беляндра.

ган кеме 1965-ж. 18-мартта орбитага чыгарылып 26 саатта Жерди 17 жолу айланып, 720 миң *км* аралыкты өткөн. Ленин ордени, Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган. Болг. Эл Респ-касынын Соц. Эмг. Баатыры, ВДР м-н МЭРдин Баатыры деген наам алып, чет мамл. көп ордеп ж-а медаль м-н сыйланган.

БЕЛЯКОВ Александр Васильевич [9(21). 12. 1897-ж. т.]— авиациянын генерал-лейтенанты (1943), Сов. Союз. Баатыры (1936), аэронавигация б-ча адис, геогр. илимд. доктору, проф. 1936-жылдан КПССтин мүчөсү. Мугалимдин үй-бүлөсүнөн. 1919-ж. февралдан Кызыл Армияга кирген. Авиац. мектепти бүтүргөн (1921). 1939-ж. В. П. *Чкалов* м-н Москвадан Удд а-на, 1937-ж. Түн. уюл аркылуу АКШга учкан. 1940—45-ж. Рязань жог. авиац. мектебинин начальниги. 1945-ж. Берлин операциясына катышкан. 1945—60-ж. Аскер-аба академиясында ф-ттин начальниги. 1960-жылдан отставкада. Аэронавигация б-ча көп ил. эмгектин автору ж-а редактору. СССР Жог. Советинин 1-чакыр. депутаты. 2 Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, 2 Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕЛЯНДРА Василий Яковлевич (1914-ж. т.)— Сов. Союз. Баатыры (30. 9. 1943). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. Сов. Армияга чакырылганча (1941) Кыргызстандын Кемин р-нундагы Ильич атн. с-адо комбайнер болуп иштеген. 1943-ж. 23-гвард. мотордошкон аткычтар бригадасындагы автоматчиктер взводунун командирлигине дайындалган. Киевди бошотуу үчүн 1-Укр. фронтунун аскерлеринин салгылашында Б. өзүнүн взводу м-н Днепрден биринчилерден болуп өтүп (1943-ж. 23-сент.), Трактомировка кыштагын ээлейт. Эки сутканын ичинде Б-нын взводу душмандын 7 контр чабуулунун мизин кайтарган. Б. өз каармандыгы м-н жоокерлерди шыктандырып турган. Бул салгылашуудагы эрдиги үчүн Б. Сов. Союз. Баатыры наамына арзыган. 1945-ж. Берлинди алууга ж-а Праганы бошотууга катышкан. 1945-ж. 24-июнда Москвада өткөн Жеңиш парадына катышат. Азыр Кырг-ндын Кемин р-нундагы Буруддай кыш-да турат.

БЕЛЯНКИН Дмитрий Степанович [11 (23). 8. 1876, Вологда губ., Ламаниха с.,— 20. 6. 1953, Москва]— сов. геолог. СССР ИАнын акад. (1943; мүчө-корр. 1933). Юрьев (Тарту) ун-тин бүтүргөн (1901). Петроград (Ленинград) политех. ин-тунун проф. (1920). 1930-жылдан борб. ил. из. ин-ттарында иштеген. 1949-жылдан СССР ИАнын геол.-геогр. бөлүмүнө акад.-секретарь ж-а Советтик Чоң Энциклопедиянын (2-бас.) Баш редакциясына мүчө. Негизги эмгектери петрографияж-а минералогияга арналган. Изилдөөлөрүн Урал, Кавказ, Ильмень ж. б. жерлерде жүргүзүп, тоо тектердин ар кандай типтерде болушу магма м-нага жанаша жаткан тектердин өз ара аракетине байланыштуу деген жыйынтыкка келген. Тоо тектерди түзүүчү ж-а сейрек минералдарды изилдеген. Б. тех. петрографияга негиз салган. Анын ысымы м-н минералдын (белянкинит) аты аталган. А. П. Карпинский атн. сыйлык ыйгарылган (1949). Б. 2 Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Петрография технического камня, М., 1952 (соавтор); Избранные труды, т. 1—2, М., 1956—58.
Ад.: Вопросы петрографии и минералогии. (Сб. статей, посвящённых памяти Д. С. Белянкина), т. 1—2, М., 1953.

БЕНАРДОС Николай Николаевич [26 (6. 7). 1842—8(21). 9. 1905]— орус ойлоп чыгаруучусу, электр жаа ширетүүсүн түзүүчү. Киев ун-тинде, Москвадагы Петровск жер иштетүү ж-а токой чарба академиясында окуган. 1865-ж. чарбанын ар түрдүү тармактары (а. ч., трансп. ж. б.) б-ча жүздөн ашуун эмгеги Россияда ж-а чет өлкөлөрдө патенттелген. 1882-ж. «Тикеден тике электр тогунун аракети менен металлдарды бириктирүү жана ажыратуу ыкмасы» деп аталган ойлоп табуусу 1885-ж. Германия, Франция, Россия, Италия, Англия, АКШ, Бельгия ж. б. өлкөлөрдө кабыл алынган. Ал Нева д-дагы ГЭСтин 1-долбоорун түзгөн. Электр жаа ширетүү эмгеги үчүн Б. орус тех. коомунун жог. сыйлыгы — Алтын медаль м-н сыйланган (1892). Петербургдагы электр тех. ин-ту ага (1899) инженер-электрик деген ардактуу наам берген.

БЕНГАЛ АГЫМЫ — Африканын бат. жээгиндеги муздак агым; *Батыш шамал* агымынын түн. салаасы. Ылдамд. 1—2 *км/с*. Жайында суунун үстүңкү бетинин темп-расы түштүгүндө 19°—26°С, кышында 15°—22°Сге чейин. Терендиктеги суунун көтөрүлүшүнөн материк жээгиндеги суунун темп-расы жайында 15°С, кышында 12°С ден төмөн болот.

БЕНГАЛ БУЛУҢУ — Инди океанындагы булуң, Индостан ж-а Индокытай ж. а-дарынын ортосунда. Аянты 2172 миң $км^2$, орт. тереңд. 2586 *м*, эң терең жери 5258 *м*. Суусунун орт. көлөмү 5616 миң $км^3$. Орт. темп-расы февралда 25—27°С, августта 28°С. Туздуулугу 30—34‰. Ири порттору: Калькутта, Мадрас (Индия), Читтагонг (Бангладеш).

БЕНГАЛ ТИЛИ, бенгали — Индия (Бат. Бенгалия) м-н Бангладеште жашаган элдин тили. Б. т-нде 100 млн-го жакын адам сүйлөйт (1967). Индоевроп. тилдердин индоарий тобуна кирет. Б. т-ндеги сөз жасоо ж-а сөз өзгөртүү көп учурда *агглютинация* аркылуу ишке ашат. Б. т-нде бонгакхор деген жазуу пайдаланылат, ал түпкүлүгүндө брахми графикасынан келип чыккан.

БЕНГАЛДАР—Индия м-н Бангладештеги улут. Жалпы саны 110 млн-дон ашык (1967), анын 70 млн-го жакыны Бангладеш Эл Респ-касынын негизги калкы, 40 млн-го жакыны Индияда жашайт. *Бенгал тилинде* сүйлөйт. Индиядагы Б-дын көбү — индуист, анча-мынчасы гана мусулман, христиан, джайнизм дининде. Бангладештегилер дээрлик мусулман.

БЕНГАЛУРУ, Бангалур — Түш. Индиядагы шаар, Майсур штатынын админ. борбору. Калкы 1,6 млн. (1971). Соода-жол тоому, өлкөдөгү ө. ж. ж-а илимий, маданий борбор. Индия өз алдынча болгондон кийин (1947) Б-да ири мамл. ишканалар: авиац., станок куруу, телефон аппаратурасын, электр жабдууларын чыгаруучу з-ддор салынды. Б. 16-к-дан бери белгилүү. 20-к-да тургузулган Махараджи дворецн көркөмдүгү жагынан айырмаланып турат. Ун-ти бар.

БЕНЕФИЦИЙ (лат. beneficium — жакшылык)— 1) Байыркы Римде императорлор тарабынан элге берилген ар түрдүү жеңилдиктер (карыздан куткаруу, алык-салыктан бошотуу, наам берүү ж. б.). 2) Бат. Европада алгачкы о. кылымда админ. же аскердик кызматтагыларга король же ири жер ээси тарабынан белгилүү мөөнөткө берилүүчү сыйлык (көбүнчө жер түрүндө). 3) Католиктер чиркөөсүндө дин кызматкерин кирешелүү кызмат берип сыйлоо.

БЕНЗАНТРОН БОЁКТОРУ — бензантрондон же анын бирикмелеринен синтез жолу м-н алынуучу татаал түзүлүштөгү боёктор. Бензантрондун молекуласы конденсацияланган бензолдук 4 шакекчеден турат. Ал боёгуч касиетке ээ эмес; анын 2 молекуласынын конденсацияланышынан Б. б. пайда болот. Конденсациянын шартына жараша виолантрон (көк) же изовиолантрон (кызгылт көк) боёктору алынат. Булар ар түрдүү түстө болуп, оңбойт. Б. б. сууда эрибегендиктен, аларды белгилүү өлчөмдөгү жегичтин эритмесинде эритип туруп, көбүнчө кебез кездемелерди боёйт. Айрымдары сыр пигменти катарында колдонулат.

БЕНЗИДИН, 4,4′-диамин дифенил, $H_2NC_6H_4—C_6H_4NH_2$ — ароматтык аминдердин катарындагы орг. бирикме, түссүз кристалл. Жарыкта ж-а абада кычкылдануудан карарат, эрүү t 128°С. Сууда начар, спиртте, эфирде жакшы эрийт. Орг. ж-а орг. эмес к-талардын эритмелери м-н туздарды пайда кылат. Б. гидразобензолду минералдык к-талардын таасири м-н изомерлөөдөн алынат (к. *Бензидиндик кайра топтоштуруу*). Бул метод м-н Н. Н. Зинин 1-жолу (1845) Б-ди алган. Б.— азобоёкторду алуудагы негизги продукт. Ал аналит. химияда кеңири колдонулат.

БЕНЗИДИНДИК КАЙРА ТОПТОШТУРУУ — минералдык к-талардын таасири м-н гидразобензолдун 4,4′-диамин дифенилге же бензидинге айланышы. 4,4′-диамин дифенилди 1-жолу Н. Н. Зинин гидразобензолго H_2SO_4 тү таасир этип, аны «бензидин» деп атаган. Бензидин м-н кошо азыраак 4,2′-диамин дифенил же дифенилин да пайда болот.



Б. к. т. азобоёкторду, диаминдерди, дифенилдерди алууда колдонулат.

БЕНЗИЛ СПИРТИ, $C_6H_5CH_2OH$ — эң жөнөкөй ароматтык спирт. Түссүз суюктук, кайн. t 205,8°С. Орг. эриткичтерде, суюк аммиак м-н күкүрттүү газда жакшы эрийт. Б. с. жаратылышта эркин абалында кээ бир бальзамдарда, эфир майларында көп учурайт. Ал гидролиздөө жолу м-н хлордуу бензилден $C_6H_5CH_2Cl$ ж-а бензальдегидден алынат. Б. с. уксус ж-а бензой к-таларынын татаал эфири түрүндө парфюмерияда колдонулат.

БЕНЗИЛХЛОРИД, хлордуу бензил, $C_6H_5CH_2Cl$ — кескин жыттуу, түссүз суюктук. Кайн. t 179,3°С. Сууда эрибейт. Спирт, хлороформ ж. б. орг. эриткичтер м-н жакшы аралашат. Б-ге суу кошуп ысытса, акырындык м-н гидролизденип, бензил спиртин $C_6H_5CH_2OH$ пайда кылат. Б. KCN м-н реакцияга кирип, бензилцианидин $C_6H_5CH_2CN$, аммиак же амин м-н бензил бирикмелерин, ал эми магнийдин же натрийдин таасири арқасында дибензилди пайда кылат. Б. ө. ж-да 100°Сге чейин ысытылган 1% PCl_3 бар толуолго хлорду кошуудан алынат. Б. боёкторду, бензил спиртин, бензой к-тасынын татаал эфирлерин, бензилцианидди ж-а бензилцеллюлозасын алууда колдонулат.

БЕНЗИН — түрдүү түзүлүштөгү углеводороддордун аралашмасы; кескин жыттуу, түссүз, 30—205°Сде кайнай турган, суудан жеңил, күйүүчү суюктук. Ал 60°Сден төмөнкү темп-рада тоңот, от алуу темп-расы 0°С ден төмөн, абада тез бууланат. Б. буусунун концентрациясы абада 74—123 $г/м^3$ болсо, жарылгыч аралашманы пайда кылат. Ал көбүнчө ичинен күймө кыймылдаткычтарда отун катары ж-а эриткич ж. б. максаттар үчүн колдонулат. Отун катарында пайдалануучу Б. автомобилдик ж-а авиац. болуп бөлүнөт. Б-дин негизги касиеттеринин бири — анын детонациялык туруктуулугу. Антидетонациялык касиети октандык сан м-н туюнтулат. Октандык саны жогорулаган сайын антидетонациялык касиети өсөт. Детонациялык туруктуулугун жогорулатыш үчүн белгилүү өлчөмдө тетраэтил коргошун $Pb(C_2H_5)_4$ кошулат. Б. нефтини, аз санда таш көмүрдү, күйүүчү сланецти кайра иштетүүдөн, жаратылыш газынан алынат. Б. буусунун абадагы концентрациясы 100—300 $мг/м^3$ дан ашпоого тийиш.

БЕНЗИН ТАШЫГЫЧ — күйүүчү май (бензин, керосин, дизель майын) ташуу үчүн цистерна м-н жабдылган автомобиль. Цистернада күйүүчү майдын деңгээлин көрсөткүч, аба клапаны, куюлуучу чорго, сууну ажыратуучу тундургуч, өрткө каршы жабдуулар, жер м-н туташтыруучу жасалгалар болот. Автомобилдеги ж-а чиркемедеги цистернага 1200—8000 *л*, жарым чиркемедегиге 7000—30 000 *л* күйүүчү май батат. Күйүүчү май көп (5000 *л* ден ашык) бата турган цистернанын ичинде гидравл. толкундарды азайтуу үчүн узата ж-а туурасынан тосмолор (толкун тоскучтар) орнотулат.

БЕНЗОЙЛ ӨТӨ КЫЧКЫЛЫ, $C_6H_5CO—O—O—COC_6H_5$ — түссүз кристалл түрүндөгү орг. бирикме, эрүү t 106—108°С. Сууда начар, орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Б. ө. к. ысытуудан ж-а ультра кызгылт көк нурдун таасиринен жарылуу м-н ажырайт. Ал эми гидролиздегенде, бензой к-тасы ж-а бензоил суу өтө кычкылы пайда болот. Б. ө. к. жегичтүү чөйрөдө хлордуу бензоилге суутектин өтө кычкылын кошуудан алынат. Ө. ж-да полистирол, поливинилхлорид сыяктуу ири молекулалуу бирикмелерди алууда катализатор катарында ж-а өсүмдүк майларынын жытын кетирип, аларды тазалаш үчүн колдонулат.

БЕНЗОИЛХЛОРИД, хлордуу бензоил, C_6H_5COCl — абада түтөй турган, кескин жыттуу түссүз суюктук, эрүү t — 1°С, кайноо t 197,2°С. Эфирде, бензолдо ж. б. орг. эриткичтерде эрийт. Б. ысык сууда ж-а жегичтердин эритмесинде гидролизденип, бензой к-тасын, ал эми калыбына келтирүүдөн бензой альдегидин пайда кылат. Б. бензой к-тасына минералдык к-талардын хлорангидриддерин кошуудан ж-а бензотрихлоридди толук эмес гидролиздөөдөн алынат. Б. аминдерди, спирттерди, фенолдорду бензоилдөө (C_6H_5CO тобун киргизүү) үчүн ж-а боёкторду, дарыларды, *бензоил өтө кычкылын* ж-а бензой к-тасынын ангидридин алууда колдонулат.

БЕНЗОЙ АЛЬДЕГИДИ, C_6H_5CHO — ачуу, бадам жыттанган, май сымал түссүз суюктук, эрүү t — 26°С, кайн. t 179°С. Сууда начар эрип, спирт, бензол, эфир, хлороформ м-н аралашат. Б. а. ачуу бадамдын, шабдалынын данектеринде кездешет. Абада кычкылданып, бензой к-тасын, жегичтин эритмеси м-н бирге кайнатканда, бензил спиртин ж-а бензой к-тасын пайда кылат. Б. а. толуолду кычкылдандыруу ж-а бензилхлоридди же бензилиденхлоридди гидролиздөө жолу м-н алынат. Б. а. фенилуксус альдегидин, жыпар жыттуу бирикмелерди ж-а боёкторду синтездөөдө колдонулат.

БЕНЗОЙ КИСЛОТАСЫ, C_6H_5COOH — эң жөнөкөй ароматтык кислота, түссүз жалтырак кристаллдар; эрүү t 122°С. Сууда начар, спирт, эфир, хлороформ, бензолдо жакшы эрийт. Б. к. өндүрүштө толуолду HNO_3 м-н кычкылдандыруу, фталь к-тасын декарбоксилдөө ж. б. жолдор м-н алынат. Б. к-нын туздары ж-а эфирлери антисептик касиетке ээ. Б. к-нын натрий тузу медицинада, тамак-аш продуктуларын консервалоодо, ал эми эфири парфюмерияда боёкторду синтездөөдө колдонулат.

БЕНЗОЛ, C_6H_6 — ароматтык бирикмелеринин эң жөнөкөй өкүлү. Өзүнчө жыты бар, тез учуучу түссүз суюктук, эрүү t 5,5°С, кайноо t 80,1°С. Б-дун буусу белгилүү өлчөмдө аба м-н аралашканда, жарылууну пайда кылат. Б. бензин, эфир ж. б. орг. эриткичтер м-н бардык көлөмдө аралашат. Сууда начар эрийт. Б-до май, каучук, гудрон ж. б. орг. заттар, күкүрт, фосфор, йод жакшы эрийт. Б-ду 1825-ж. М. Фарадей ачкан. 1833-ж. Э. Мичерлих бензой к-тасынын кальций тузун кургак буулантуудан таза түрүндө бөлүп алган. 1865-ж. Кекуле анын түзүлүшүнүн формуласын (3 жөнөкөй ж-а 3 кош байланышы бар 6 көмүртек атомунан турган туюк чынжыр түрүндө)

сунуш кылат:  Б. азот, күкүрт к-талары ж-а галогендер м-н реакцияга кирип, нитробензолду, бензосульфокислотаны, хлорбензолду ж. б. бирикмелерди пайда кылат, көпчүлүк кычкылданткычтарга туруктуу. Б-го этиленди же пропиленди таасир этүүдөн этил ж-а изопропилбензол алынат. Ал негизинен таш көмүрдүн кокс газынан, кокс чайырынан ж-а катализатордун таасири м-н алифатикалык бирикмелерди дегидрогендөө жолу м-н алынат. Б. жарылгыч заттарды синтездөөдө ж-а көп орг. заттарга, боёкторго эриткич катарында кеңири колдонулат.

БЕНИЛЮКС — Бельгия, Нидерланддар ж-а Люксембург мамл-теринин ортосундагы таможня-экон. союздун кыскарган аты. Буга 1943-ж. 21-октябрдагы бул. үч өлкөнүн арасында түзүлгөн валюта келишими ж-а 1944-ж. 5-сентябрдагы таможня конвенциясы негиз салган (конвенция 1948-ж. январда күчүнө кирген). Үч өлкө 1958-ж. 3-февралда Гаага ш-нда экон. жактан союздаш болуу ж-де договорго кол коюшкан. 50 жылга түзүлгөн ал договор 1960-ж. 1-ноябрда күчүнө кирген. Б. союзу кийинки кезде согуштук-саясий мүнөзгө да ээ болууда.

БЕНИН ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫ, к. *Дагомея*.

БЕНКЕНДОРФ Александр Христофорович (1781 же 1783—1844)— орус мамл. ишмери, граф (1832). *Николай* 1нин реакц. саясатын колдогон нады-



А. И. Берг.



Л. С. Берг.

шанын ишеничтүү кишилеринин бири. Гвардия корпусунун штаб начальниги (1819—21). Декабристтердин көтөрүлүшүн (1825-ж. 14-дек.) басууда атчан аскерлердин командири. 1826-ж. саясий тыңчылык иштин борб. органын («Үчүнчү бөлүм») уюштуруу б-ча долбоору Николай I тарабынан кабыл алынган. Б. падышанын көрсөтмөсү б-ча, А. С. Пушкиндин артынан тыңчылык кылган, акынды кодулап, чүнчүтүүчүлөрдүн демилгечиси болгон. 1826-жылдан тартып өмүрүнүн акырына чейин «Үчүнчү бөлүмдүн» башкы начальниги.

БЕНТАЛЬ (англ. benthal, гр. bénthos — тереңдик) — балчык-баткак арасында же анын үстүндө тиричилик өткөзүүчү организмдер мекендей турган суу түбүндөгү аймак. Б-да жашоочулар *бентосту* түзөт. Деңиз ж-а тузсуз сууларда Б. ар түрдүү вертикалдык зоналарга бөлүнөт.

БЕНТОНИТ (АКШдагы Бентон деген жердин атынан) — *монтмориллонит* тобундагы минералдардан турган чополуу тоо тек. Б. деңиз же көл түбүндө жанар тоо тектеринин хим. өзгөрүүлөрүнөн пайда болот. Б-тин ири кендери Түн. Кавказда (Нальчик), Закавказьеде, Крымда, Волга боюнда, Өзб-нда, Түрк-нда бар. Б. чополору Түш. Кырг-нда (Бешкен кени) бар. Б. эң жакшы адсорбент катарында өсүмдүк м-н малдын майын, винолорду тазалоодо, бургулоо иштеринде ж. б. колдонулат.

БЕНТОС (гр. bénthos — тереңдик) — деңиз сууларынын түбүндө жашаган организмдердин жыйындысы. Б-тук организмдер суунун түбүндөгү субстратка жабышып тиричилик өткөзөт ж-а: зообентос (жаныбарлардыкы), фитобентос (өсүмдүктөрдүкү) болуп бөлүнөт. Деңиздерде жашаган зообентоско фораминиферлер, губкалар, ичеги көңдөйлүүлөр, асцидиялар ж-а балыктар; фитобентоско деңиздин түбүндөгү бактериялар, балырлар кирет. Ысык-Көлдүн, зообентосторуна курттар (нематоддор, олигохеттер, сүлүктөр), жумшак денелүүлөр же үлүлдөр, муунак буттуулар, курт-кумурскалар, алардын личинкалары кирет.

БЕРАНЖЕ Пьер Жан (19. 8. 1780—16. 7. 1857) — француз акыны. Француз бурж. рев-ясынын азатчыл идеяларын даңазалаган. Б. алгач классицизмдин салттарын ээрчип жазып, бара-бара демократчыл чыг-лык позицияга өткөн. Ал ыр жанрынын (песнянын) бай мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланып, аны бийикке көтөргөн. Ырларында коомдук мааниси бар темаларга кайрылып, саясий маселелерди да козгогон. Анын ыр-памфлеттери, сатиралык, публ., элегиялык ырлары да бар. Анын ырларын К. Маркс ж-а орустун революционер-демократтары жогору баалашкан.

БЕРБЕРЛЕР — Түн. Африка өлкөлөрүндө (Мавритания, Марокко, Алжир, Тунис, Ливия, ЕАР), о. эле Борб. ж-а Бат. Суданда жашаган элдердин тобу. Жалпы саны 6 млн-дон ашык (1967). Б. деген ат Түн. Африканы арабдар караткандан (7-к.) бери белгилүү. Антроп. жагынан жер ортолук деңиз расасына кирет. Байыркы ливиялыктардын укум-тукумдары деп саналат. Арабдар караткан соң бербер урууларынын көбү араб маданиятын, каада-салтын, тилин, динин кабыл алышкан. Арабдашпаган, б. а. бербер тилдеринде сүйлөгөндөрү гана Б. деп аталат. Б. негизинен жер иштетип, мал багышат. Марокко м-н Алжирдеги Б-дин айрымдары о. ж-да иштейт.

БЕРГ Аксель Иванович [29. 10(10. 11). 1893-ж. т.] — сов. радиотехник, инженер-адмирал, проф. (1930), СССР ИАнын акад. (1946; мүчө-корр. 1943). Соц. Эмг. Баатыры (1963). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. 1914-ж. Деңиз корпусун бүтүргөн. 1-дүйн. согушта (1914—18) суу астында жүрүүчү кайыктын штурманы, Гражд. согушта командири болгон. 1922-ж. Б-ге «Суу астындагы кайыктардын айрым дивизионунун эмгек баатыры» деген наам берилген. 1923-ж. Аскер-деңиз инженерлер окуу жайын, 1925-ж. Ленинграддагы Аскер-деңиз академиясын бүтүргөн. 1924—43-ж. Ленинграддын жог. окуу жайларында сабак берген. 1943—44-ж. электр ө. ж. эл комиссарынын орун басары, 1953—57-ж. коргоо министрине орун басар. Б-дин демилгеси ж-а жетекчилиги м-н бир катар ил. из. ин-ттары уюшулуп, заводдор курулган. 1964-жылдан кибернетиканын жетишкендиктерин өндүрүшкө кийирүү б-ча иштерге жетекчилик кылат. 1962—65-ж. «Өндүрүштү автоматташтыруу жана өндүрүштүк электроника» энциклопедиясына башкы редактор. 3 Ленин ордени, башка 6 орден ж-а медалдар, А. С. Попов атн. алтын медаль (1951) м-н сыйланган.

БЕРГ Лев Семенович [2(14). 3. 1876, Бендеры,—24. 12. 1950, Ленинград] — сов. физ.-географ, биолог, СССР ИАнын акад. (1946; мүчө-корр. 1928). РСФСРдин илимге эмг. сиң. ишмери (1934). 1898-ж. Москва ун-тин бүтүргөн. 1916-жылдан Петербург ун-тинин физ.-геогр. кафедрасында проф., 1940—50-ж. СССР геогр. коомуна президент. Дүйнөгө белгилүү илимпоз-энциклопедист. Лимнология, климатология, геоморфология, топурак таануу, палеогеогр., ихтиология, геогр. теориясы м-н тарыхы ж. б. илим тармактары б-ча 700дөн ашык эмгек жазган. Б. ландшафт таануута негиз салып, В. В. *Докучаевдин* табигый зоналар ж-дөгү идеясын өнүктүргөн. Бат. Сибирь көлдөрүн, Балкашты, Ысык-Көлдү, Севанды, Арал деңизин, Ладога көлүн ж. б. изилдөөлөрү м-н лимнология илимине салым кошкон. Б. Кырг-нда 4 жолу (1903, 1906, 1928, 1930) болуп, Ысык-Көлдүн жаратылышын, климатын, гидрологиясын, өзгөчө балыктарын, Түркстан кырка тоолорунун мөңгүлөрүн изилдеген. Ал башкарган экспедициялар Ысык-Көлдүн тереңдигин (эң тереңи 702 *м*, орт. тереңд. 279 *м*), рельефин, термикасын, суусунун көлөмүн (1731 $км^3$), анын тоңбоо себебин ж. б. кубулуштарын аныктаган, көлдүн 1-батиметрдик картасын түзүшкөн. Балыктары бөтөнчө эндемиктүү болгондуктан, Б. Ысык-Көлдү жеке ихтиологиялык бөлүк деп караган. Анын сунушу б-ча Ысык-Көлдө, Кырг-ндын башка сууларында лосось (мис., форель), карп (лещ, карп ж. б.) өстүрүлүүдө. Б. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1951), 2 орден, 2 медаль м-н сыйланган.

Чыг.: Озеро Иссык-Куль, «Землеведение», т. XI, кн. 1—2, 1904; Избранные труды, т. 1—5, М., 1956—1962;

Ад.: Памяти академика Л. С. Берга, М.—Л., 1955; «Изв. Кирг. филиала Всесоюзн. геогр. общества», 1963, в. 4 (выпуск посвящен акад. Л. С. Бергу).

БЕРГЕН — Норвегиянын батышындагы порт. Калкынын саны ж-а экон. мааниси жагынан өлкөнүн экинчи шаары. Калкы 117 миң (1968). Кеме ж-а машина куруу, тамак-аш, токуу ж-а тигүү ө. ж. жакшы өнүккөн. Б. 1070-ж. ченде курулуп, Түн.-Бат. Европанын эң ири соода борборлорунун бири болгон. Ун-ти ж-а жог. соода мектеби бар.

БЕРГМАН Ингмар (14. 7. 1918-ж. т.) — швед режиссёру, сценарист. 1959-жылдан Стокгольмдогу драма театрына башкы режиссёр, директор. Кино ишмердиги 1943-жылдан башталат. Белгилүү фильмдери: «Жайкы түндүн ажары» (1955), «Бүлдүркөн талаасы» (1957), «Бет» (1958), «Булак» (1959). Ал фильмдеринин сценарийин көбүнчө өзү жазган. Фильмдеринде бурж. турмушту сынга алат. Б-дын көптөгөн фильмдери эл аралык кинофестивалдарда сыйлыктар алган.

БЕРГСОН Анри (1859—1941) — француз идеалист философу, интуитивизмдин өкүлү, саясаттагы реакционер. Ад-т б-ча Нобель сыйлыгынын лауреаты (1928). Б-дун философиясындагы негизги түшүнүктөр — интуиция м-н «узактык». Ал интуиция деп акыйкатты практикасыз, акыл м-н сезимди катыштырбай аңдап билүүнү түшүнгөн, ал эми «узактык» деп материясыз карандай өзгөрүүнү билген. Ал коомдогу таптык эзүү м-н бурж. диктатураны «табигый нерсе» деп, согушту болсо «табияттын боло берчү закону» деп караган. Б-дун философиясы көп сандаган философторго,



Бердах.



Г. Т. Береговой.

социологдорго, тарыхчыларга, ад-тчыларга таасирин тийгизген. Маркстик ад-тта анын философиясы катуу сынга алынган.

Ад.: Чанышев А. Н., Философия А. Бергсона, М., 1960; Воронов А. П., Интуитивная философия Бергсона, М., 1962; Сэв Л., Современная французская философия, М., 1968.

БЕРДАХ (лакап аты; чын аты-жөнү — Бердимурат Каргабай уулу; 1827—1900) — каракалпак акыны. Кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Б.— лирикалык, сатиралык, дидактикалык ырлардын, «Санжыра», «Айдос бий», «Амангелди», «Ерназар бий» аттуу тарыхый поэмалардын автору. Зулум хандын эзүүсүнө каршы эл күрөшүн чагылдырган «Акмак падыша» аттуу поэмасы Окт. рев-ясына чейинки каракалпак ад-тынын бийик үлгүлөрүнөн. Б-тын поэзиясы үстөмдүк кылган тапка карата элдердин наразылыгын, Хива хандыгынын эзүүсүнөн жапа чеккен карапайым букаранын кайгы-муңун ачык көрсөтөт. Окт. рев-ясына чейин Б-тын чыг-лары эл арасында оозеки түрүндө таралган. Араб жазуусу м-н жазылган айрым ырлары сакталган. Б-тын чыг-ларын жыйноо, изилдөө, бастыруу 30-жылдардын 2-жарымынан баштап колго алынды.

Ад.: Айымбетов К., Халык даналыгы, Нокис, 1968.

БЕРДИБАЕВ Абдрашит (1916-ж. т., Москва р-ну, Малтабар кыш.) — кыргыз совет акыны, төкмө ырчы, артист. Ымыркай чагында эки көзү азиз болуп калган. Адегенде домбура чертип, 15 жашынан комуз үйрөнөт, элдик поэзиянын үлгүсү м-н ыр чыгара баштайт. 1933-ж. Сарыкунан Дыйканбай уулуна жолугуп, андан «Жаныш-Байыш», «Кожожаш», «Болот менен Мөөр» («Ак Мөөр») дастандарын үйрөнөт. 1944—53-ж. Кыргыз. мамл. филармониясында солист. Элге төкмө ырчы, обончу («Түшүмдө», «Менин өлкөм» ж. б. белгилүү ырлардын сөз, обонун өзү чыгарган) катары таанылат. Алгачкы ыры 1938-ж. жарыяланат. Жыйнактары: «Ырлар жыйнагы» (1949), «Ырлар» (1958), «Добуш» (1965), «Адамдын жолу» (1965), «Тандалган ырлар» (1970), «Адамдарга ачык кат» (1970), «Даңктайм сени, Кыргызстаным» (1973). Айрым китептери орусча да чыккан. Б-дин ырларында жазма ад-ттын таасири айкын сезилет. Ал медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Артыкбаев К., Абдрашиттин ырлары, «Ала-Тоо», 1960, № 1; ошонуку, Акын жана обончу, «Ала-Тоо», 1966, № 9.

БЕРЕГОВОЙ Георгий Тимофеевич (15. 4. 1921-ж. т.) — СССРдин учкуч-космонавты, авиациянын генерал-майору (1968), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944-ж. 26-окт., 1968-ж. 1-ноябрь). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Луганск аскер-учкучтар мектебин бүтүргөндөн (1941) кийин, Ата Мек. согушка катышкан, авиация эскадрильясына командир болгон. 1956-ж. Аскер-аба академиясын (азыр Гагарин атн.) бүтүргөн, 1948—64-ж. сыноочу учкуч. 1968-ж. 26—30-октябрда «Союз-3» космос кемеси м-н 95 *с* та Жерди 64 жолу айланып чыккан. Орбитада кеме бир нече багытта маневр жасаган. СССР Жог. Советинин 9-шайл. депутаты. Эки жолу Ленин ордени, 2 Кызыл Туу, 2 Кызыл Жылдыз ж. б. орден, медалдар м-н сыйланган.

БЕРЕЗИТ (Уралдагы Березовск кенинин атынан) — составы кварцтан (25—50%), альбиттен (5—25%), серициттен (10—15%), карбонаттан (0—10%) түзүлүп, кварцтын, кээде руданын жука тарамдары м-н тилкеленген ж-а *пиритке* байып, өзгөрүлгөн тоо тек. Б. *интрузия тоо тектерине* (гранит, гранит порфир ж. б.) рудага бай гидротермалык эриндилердин тийгизген таасиринен пайда болот. Б. ж-а березиттүү тоо тектер — алтын ж. б. металлдардын кендерин издеп табуунун бир белгиси.

БЕРЕЗНИКИ — РСФСРдин Пермь обл-дагы шаар. Кама д-дагы порт, т. ж. станциясы. Калкы 146 миң (1970). Кайнатма, калий ж-а магний туздарынын кенине жакын жерде жайгашкан. СССРдин химия ө. ж-нын ири борбору. Сода, минералдык жер семирткичтер, синтет. аммиак, азот ж-а күкүрт к-талары ж. б. өндүрүлөт. Пермь политех. ин-тунун кечки ф-тети, химия-мех. курулуш техникумдары, мед., муз. окуу жайлары, драма театры, край таануу музейи бар.

БЕРЕНС Петер (14. 4. 1868—27. 2. 1940) — немец архитектору, сүрөтчү-конструктор. Карлсруэ, Дюссельдорфто окуган (1886—89). Живописчи, график ж-а жасалга өнөрүнүн устаты катары таанылган. 1891—99-ж. Мюнхенде, 1900—03-ж. Дармштадтта иштеген. 1903—07-ж. Дюссельдорфтогу көркөм өнөр мектебине жетекчилик кылган. Берлиндеги (1909—12), Оберхаузендеги (1921—25), Хехстеги (1925—26) заводдор м-н ө. ж. курулуштарын тургузган. Б-тин акыркы иштери функционализмдин духунда ишке ашырылган (Линцедеги тамеки ф-касы, 1932—36). Б.— европ. жаңы архитектуранын негиз салуучуларынын бири, анын өнөрканасында Ле Корбюзье, В. Гропиус, Л. Мис ван дер Роэ сыяктуу дүйнөгө белгилүү архитекторлор иштеген.

БЕРЕЗИНА — БССРдеги дарыя, Днепрдин оң куймасы. Уз. 613 *км*, алабынын аянты 24 500 $км^2$. Минск дөңсөөсүнүн түн.-чыг. тарабынан башталып, Борб. Березина түздүгү аркылуу агат. Башкы куймалары: Борб. Клева, Ольса, Ола (сол), Гайна, Свислочь (оң). Жылдык орт. чыгымы (чатында) 145 $м^3/сек$. Булактардан ж-а кардан куралат. Декабрдан апрелге чейин тоңот. Чатынан Сергуч д-на чейин (505 *км*) кеме жүрөт. Жээгинен Борисов, Бобруйск ш-лары орун алган.

БЕРЕЗИНА КОРУГУ — БССРдеги мамл. корук. Березина д-нын баш жагында жайгашкан. Негизинен кемчетти сактап калуу ж-а көбөйтүү үчүн уюштурулган. Аянты 76,5 миң *га*. Корукта кызыл карагай, кайың, эмен, карагай ж. б. өсөт. Жери саздак. Мында сүт эмүүчүлөрдүн 48, куштардын 200дөн ашык түрү мекендейт. Сүт эмүүчүлөрдөн багыш, бугу, каман, купу, күрөң аюу, суу күсөн, токой суусары, түлкү, кундуз, коён, тыйын чычкан ж. б. жашайт. Баалуу куштардын ичинен каракур, чил, кекилик көп. Б. к-да кундуздун, кемчеттин ж-а туяктуу жаныбарлардын экологиясын изилдөө б-ча ил. из. иштери жүргүзүлүп жатат.

БЕРИЛЛ (гр. beryllos) — силикаттар тобундагы минерал. Хим. формуласы $Be_3Al_2[Si_6O_{18}]$. *Гексагон системасында* кристаллданат. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 7,5—8. Салышт. салм. 2,6—2,8. Айнектей жалтырак. Өңү ар түрдүү: көгүлтүр түстөгүсү — *аквамарин*, жашылы — *изумруд*, саргычы — гелиодор, кызгылты — *воробьевит*, мала кызгылт же түссүз ростерит деп аталат. Б. негизинен пегматитте, грейзенде, скарнда кезигет. Б.— бериллий алынуучу негизги руда. Кээ бир кооз түрү кымбат баалуу асыл таш катары колдонулат.

БЕРИЛЛИЙ (Beryllium), Be — мезгилдик системанын II тобунан орун алган хим. элемент, ат. н. 4, ат. м. 9, 0122, ачык боз түстөгү жеңил металл. Туруктуу бир изотобу ^9Be бар. Металл түрүндөгү Б-ди 1-жолу 1828-ж. Ф. Велер ж-а А. Бюсси бир убакта алышкан. Б. — сейрек учуроочу элемент. Ал 1284°Сде эрип, 2450°Сде кайнайт. Металлдардын ичинен жылуулук сыйымдуулугу ж-а өткөргүчтүгү жогору, электр каршылыгы төмөн, морт металл. Бирикмелерде 2 валенттүү. Хим. жактан абдан активдүү, бирок Б. кычкылынын BeO жука кабыгы м-н капталгандыктан, абдан туруктуу. Плавик, туз, суюлтулган күкүрт к-таларында эрийт. Жог. темп-рада Б. көпчүлүк металлдар м-н кошулуп, бериллиддерди, азот м-н нитридди Be_3N_2, көмүртек м-н карбидди Be_2C пайда кылат. Суутек м-н кошулбайт. Суу кычкылы $Be(OH)_2$ — амфотердүү касиети бар начар негиз. Б. берилл минералынан, Б. фторидин Mg м-н калыбына келтирүү, Б. хлориди м-н натрий хлоридинин аралашмасын электролиздөө аркылуу алынат. Атом реакторлорун-

да, авиация, ракета ж-а космос техникасында колдонулат.

БЕРИЛЛИЙ КЫЧКЫЛЫ, BeO — бериллийдин кычкылтек м-н бирикмеси, 2570±30°Сде эрүүчү ак кукум. Сууда эрибейт, кислоталар ж-а жегичтер м-н туздарды пайда кылат. Б. к. бериллийдин суу кычкылын же туздарын ажыратуудан алынат. Ал отко чыдамдуу тигелдерди, керамикаларды даярдоо үчүн, ядролук реакторлордо, рентген техникасында, орг. синтезде катализатор катары колдонулат.

БЕРИЛЛИЙ РУДАЛАРЫ — техника м-н экономиканын өнүгүшүнүн учурдагы деңгээлине ылайык, составында казып алууга жарамдуу өлчөмдө бериллий металлы бар тоо тектер же минералдардын чогундусу. Бериллий металлы рудада, көбүнчө минералдар түрүндө, кээде тоо тектердин составында изоморфтук аралашма катарында болот. Б. р-н түзүүчү бериллийдин негизги минералдары: берилл (составында BeO 10—12%), фенакит (42—45%), бертрандит (40—42%), гельбертрандит (32—35%), хризоберилл (10—20%), гельвин ж-а гентгельвин (10—12%). Б. р-нын кендери гранит ж-а субщёлочтуу гранитоид интрузиялары м-н байланышып, негизинен постмагмалык процесстерден пайда болот. Алар бериллийлүү гранит пегматиттер (0,05—0,09% BeO), гельвиндүү ж-а хризобериллдүү скарндар (0,1—0,15%), бериллийлүү грейзендер м-н кварц тарамдары (0,1—0,15%) ж. б. сыяктуу ө. ж-лык маанидеги бир нече типке бөлүнөт. Кендери СССРде (О. Азия, Каз-н ж. б.), чет өлкөлөрдө АКШда, Колумбияда, Бразилияда, Түш. Африка Респ-касында ж. б. жерлерде бар.

Ад.: Беус А. А., Геохимия бериллия и генетические типы бериллиевых месторождений, М., 1960; Геохимия, минералогия и генетические типы месторождений редких элементов, т. 1, М., 1964.

БЕРИНГ Витус Ионассен (1681—8. 12. 1741) — деңиз саякатчысы, орус флотунун офицери, капитан-командор. Даниялык. 1703-ж. орус флотуна кызматка чакырылган. 1724-жылга чейин Балтика ж-а Азов флотторунда кызмат кылган. 1725-ж. Азия ж-а Американын аралыгында мойнок же кысык бар экенин далилдөө максатында уюшулган 1-Камчатка экспедициясынын башчылыгына дайындалган. Экспедиция Камчатка ж-а Чукотканы жээктей сүзүп, кысыктан өтөт да (кийин Б. ысымы м-н аталган), бирок тумандан жер көрүнбөгөндүктөн, кысыктын бар же жок экенин аныктай алган эмес. 1733-ж. Б. 2-Камчатка экспедициясын башкарып, Камчаткадан Түн. Америка жээктерине жеткен (1741-ж. 17-июль). Алеут аралдарынын кээ бирлерин ачкан. Кайта келе жатып кыштаган аралда (кийин анын ысымы м-н аталган) каза болгон. Б-дин аты м-н Тынч океанындагы деңиз, Түш. Аляскадагы мөңгү ж. б. аталган.

Ад.: Берг Л. С., Открытие Камчатки и экспедиции Беринга, 1725—1742, 3 изд., М.—Л., 1946; Чуковский Н., Беринг, М., 1961.

БЕРИНГ ДЕҢИЗИ — Тынч океандын түн. бөлүгүндөгү деңиз. Батышынан Азия (СССР), чыгышынан Түн. Америка (АКШ), түштүгүнөн Алеут (АКШ) ж-а Командор (СССР) а-дары курчап жатат. Түндүктө Беринг кысыгы аркылуу *Чукот деңизи* м-н туташат. Аянты 2304 миң $км^2$, орт. тереңд. 1598 *м* (эң терең жери 4191 *м*). Суусунун орт. көлөмү 3683 миң $км^3$. Түндүктөн түштүккө 1632 *км*, батыштан чыгышка 2608 *км* созулуп жатат. Жээктери бийик, аскалуу келип, өтө тилмеленген. Эң чоң булуңдары: Анадырь, Олютор, Нортон ж-а Бристоль; ири аралдары: Ыйык Лаврентий, Карагинск, Нунивак ж. б. Деңизге куюучу дарыялардын эң ирилери: Анадырь, Юкон, Кускоквим, Апука. Климаты түндүгүндө субарктикалык, түштүгүндө мелүүн, февралдын орт. темп-расы түн. жээктеринде —23°С, түштүгүндө 0°, —4°С, августта түндүгүндө 5°, түштүгүндө 10°С. Кышында суунун үстүңкү бетинин темп-расы түштүгүндө 2°С, калган бөлүктөрүндө — 1°Сден төмөн, жайында түндүктө 5°—6°С, түштүктө 9°—10°Сге көтөрүлөт. Тузд. түштүгүндө 33‰, түндүгүндө 32‰. Б. д-нин түн. бөлүгү сентябрдан тоңо баштайт, февраль — мартта муз каптайт, деңиздин түштүгүндө балыктын 240 (камбала, пантус, горбушка, кета ж. б.), түндүгүндө 60 түрү бар. Б. д-де деңиз мышыгы, калан, тюлень, лахтак, ларга, сивуч, боз кит, горбач, кашалот ж. б. жаныбарлар бар. Б. д-нин трансп. мааниси чоң. Порттору: Провидения (СССР), Ном (АКШ).

БЕРИНГ КЫСЫГЫ — Түн. Муз океанын (Чукот деңизи) Тынч океаны (Беринг деңизи аркылуу) м-н туташтырып, Азия м-н Түн. Америка материктерин бөлүп турган кысык. Туурасы 35—86 *км*, тереңд. 42 *м*. Окт.— августта жылып жүрүүчү муздар каптап калат. Кысыктын ортосунан Диомид а-дары аркылуу СССР м-н АКШнын мамл. чек арасы өтөт. Кысыкты изилдеген ж-а биринчилерден болуп өткөн саякатчы В. И. *Берингдин* ысымынан коюлган.

БЕРИТАШВИЛИ (Беритов) Иван Соломонович (10. 1. 1885—29. 12. 1974) — сов. физиолог, СССР ИАнын (1939), СССР мед. ИАнын (1944), ГССР ИАнын акад. (1941) Соц. Эмг. Баатыры (1964). Петербург ун-тин бүтүргөн (1910). Одесса ун-тинде 1915—19-ж. приват-доцент. 1919-жылдан Тбилисидеги ун-ттин проф. 1935-жылдан Тбилиси ун-тинин алдындагы Физиол. ин-тунун директору, 1951-жылдан ГССР ИАнын Физиол. ин-тунда ил. жетекчи. Б-нин негизги эмгектери булчуң ж-а нерв системасынын физиологиясына арналган. Ал мээнин түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн ж-а жог. нерв иш-аракетинин татаал закон ченемин изилдеген. Акыл-эстин ж-а анын түзүлүшүнүн, физиол., психол. ж-а физ.-хим. негизин үйрөнүү б-ча чоң иштерди жүргүзгөн. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1941), Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Об образной психонервной деятельности животных, М., 1966; Память позвоночных животных, её характеристика и происхождение, Тб., 1968; Структура и функции коры большого мозга, М., 1969.

БЕРИШ КУТУСУ — металл кесүүчү станоктордо иштетүүдө тетиктин же аспаптын беришин (жылдырылышын) өзгөртүү үчүн арналган механизм. Бериштер өтө так ж-а белгилүү бир закон ченем б-ча (мис., сай чыгаруучу станокто бурама сайдын кадамынын чоңдугуна карата) аныкталат. Б. к. станоктун шпиндели, электр кыймылдаткычы же ылдамдык кутусунун жетелөөчү валы м-н кыймылга келтирилет. Кинематикасы, конструкциясы ж-а арналышы б-ча Б. к. көп түргө бөлүнөт. Конструкциясы жагынан Б. к. нортон, жылма шпонкалуу, жылма блоктуу, муфталуу (фрикциондук, муштумчалуу, электр-магниттик) же «меандр» түрүндөгү кыймыл өткөргүчтөрдөн турат. Кээде (2В440 станогу) Б. к. вариатор түрүндө да болот. Б. к.— универсалдуу токардык, фрезер ж-а жылмалоочу станоктордун негизги түйүндөрүнүн бири.

БЕРКЕ (1209—1266) — Алтын Ордонун ханы (1255—66). Жучинин үчүнчү уулу, Батыйдын бир тууганы. Б-нин тушунда Алтын Ордо Монгол империясына баш ийбей, өз алдынча болуп калган. Б. Актөбөгө Берке-Сарайын курат. Ал 14-к-дын 1-жарымында Алтын Ордого борбор болот. Б. сурап турган чакта алым салуу үчүн Руста эл каттоо жүргүзүлүп (1257), аны жыйнай турган баскактар уюму түзүлөт. Баскактардын зомбулугу нечен жолу көтөрүлүш (Новгороддо 1259, Суздалда 1262) чыгышына себеп болгон. Б. 13-к-дын 50-жылдарынын аягында Литвага жортуул уюштурган. Б-нин тушунда Алтын Ордонун элине ислам дини тарай баштаган.

БЕРКЛИ Жорж (12. 3. 1685-ж.— 14. 1. 1753) — англ. философ, субъективдүү идеализмдин өкүлү. Дворян үй-бүлөсүндө туулган. Дублин ун-тинде окуган. 1734-жылдан Клойнада (Ирландияда) епископ. Б. ар түрдүү заттардын негизи материя деген түшүнүк бардык чаташуулардын түйүнү деп билип, аны төгүнгө чыгарууну өзүнө максат кылып койгон. Б. объективдүү дүйнө бизден тышкары өзүнчө жашабай, субъектинин сезүүлөрүнөн гана турат, ар кандай таанып-билүү сезүүдөн башталат, билүүнү бизге сезүүбүз берет деп, нерсе м-н көрүнүштөрдүн объективдүү жашоосун танат. Анын оюу б-ча, нерселер дегенибиз — түшүнүктөр, ал эми түшүнүктөр акыл-ойдон тышкары боло албайт. Мына ушундан келип «жашоо» дегенибиз — кабыл алынуу деген жобосун сунуш кылат. Б. динди актап, «жаратылыштын закондору» кудайдын жасаган эрежеси, анын эч бир объективдик мазмуну жок деп түшүндүрүүгө аракеттенет. Ошентип, 18-к-дын 1-жарымында философия м-н илимдеги идеялык күрөштө Б. реакц. позицияда туруп, прогресске каршы чыккан. 19-к-дын аягында — 20-к-дын башында Б-дин субъективдик реакц. философиясын ил. терминдер м-н жаап-жашырып, жаңыртып жандандырмакчы болгон *Мах* м-н *Авенариустун* философиясынын өтө реакциячыл ж-а зыяндуу экендигин В. И. Ленин өзүнүн *«Материализм жана эмпириокритицизм»* деген эмгегинде катуу сынга алды.

Ад.: Ленин В. И., Материализм жана эмпириокритицизм, Чыг., кырг. 1-бас., 14-т.; История философии, т. 1, М., 1957; Богомолов А. С., Критика субъективно-идеалистической философии Дж. Беркли, М., 1959.

БЕРКЛИЙ, беркелий (лат. Berkelium), Bk — актиноиддерге кирүүчү радиоактивдүү хим. элемент, ат. н. 97. Аны 1949-ж. амер. окумуштуулар С. Томпсон, А. Гиорсо, Г. Сиборг синтездеп алган. Б. Беркли (АКШ) ш-нда ачылгандыктан, ушундай аталган. Туруктуу изотобу жок. Бир кыйла туруктуусу ^{247}Bk. Б. бирикмелеринде 3 валенттүүлүктү көрсөтөт.

БЕРКОВ Павел Наумович [2(14). 12. 1896—9. 8. 1969] — орус совет ад-тчысы. СССР ИАнын мүчө-корр. (1960), Ленинград ун-тинин проф. Ил. эмгектери 1925-жылдан жарыялана баштаган. Б-дун 18-кылымдагы орус ад-ты, СССР элдеринин ад-ты, театрдын ж-а журналистиканын тарыхы, библ. маселелери б-ча маанилүү эмгектери бар. Негизгилери: «Ломоносов жана анын мезгилиндеги адабий талаш-тартыштар» (1936), «Орус журналистикасынын тарыхы» (1952), «XVIII кылымдагы орус адабиятын үйрөнүүгө киришүү» (1-бөлүм, 1964). Б. СССР элдеринин ад-тын изилдөөгө да дайым көңүл бөлүп келген. Асыресе «Манас» эпосундагы патриоттук идеялар ж-до макалалар жазган.

Чыг.: Алтайский эпос и «Манас». Библ. указатель литературы о «Манасе» (совм. с Э. К. Сагидовой), в сб.: Киргизский героический эпос «Манас», М., 1961.

БЕРЛИН — Германиянын 1871—1945-жылдагы борбору. Шпре д-нын Хафель (Эльба алабы) д-на куйган жеринде. Климаты мелүүн, нымдуу: январдын орт. темп-расы 0—0,6°С. Жаан-чачындын жылдык саны 587 *мм*. Б. 1307-ж. эки кыштактын биригишинен пайда болгон. 1486-жылдан Бранденбургдун (кийинчерээк Пруссиянын) борбору. 1848—49-ж. Германиядагы рев-янын борборлорунун бирине айланган. Пруссиянын башчылыгы астында Германиянын бир мамлекетке баш кошуусунан кийин Герм. империясынын борбору ж-а ө. ж-луу ири шаары болуп калат. 19-к-дын аягынан тартып немец жумушчу кыймылынын эң маанилүү борборлорунун бирине айланат. 1918-ж. Ноябрь рев-ясынын учурунда Б-де Германия респ-касы жарыяланып, Б. анын борбору болот. 1918-жылдын 30-декабрынан 1919-ж-дын 1-январына чейин Б-де Германия компартиясынын уюмдаштыруу съезди өткөн, андан кийинки жылдары да немец пролетариатынын массалык рев-ячыл чыгуулары болуп турган. 1933—45-ж. гитлердик «үчүнчү рейхтин» борбору болгондугуна карабастан, анда антифаш. кыймыл токтогон жок. 2-дүйн. согуш мезгилинде (өзгөчө 1943—45) Б. катуу кыйроого учураган. 1945-ж. 30-апрелде сов. жоокерлер рейхстагдын үстүнө Кызыл Туу илишип, 2-майда шаарды толугу м-н ээлешкен [к. *Берлин операциясы (1945)*]. 8-майда Б-де фаш. жогорку командачылыктын өкүлдөрү кыңк этпей багынып берүү ж-дөгү актыга кол коюшкан. Б-де согуш бүткөндөн кийин союздаштардын аскердик администрациясынын жог. органдары турган ж-а ал сов., амер., англ. ж-а франц. секторлорго бөлүнгөн. Жеңилген Германияга карата союздаштардын Потсдам конференциясында (1945-ж. 17-июль — 2-авг.) биргелешип жүргүзүлүүчү саясатынын саясий, экон. принциптери ж-а Германия мындан ары коңшуларына, о. эле бүткүл дүйнөдөгү тынчтыкка коркунуч келтире албагандай болсун үчүн зарыл чаралар белгиленди. (к. *Потсдам конференциясы 1945*). 1946-ж. 21—22-апрелде Б-де Германиянын соц. бирдиктүү партиясынын уюмдаштыруу съезди болгон. Чыг. Б-де (сов. сектор) бүткүл Чыг. Германиядагыдай эле рев-ячыл олуттуу кайра куруулар жүзөгө ашырылды. Эски мамл. аппарат жок кылынып, анын ордуна башкаруунун чыныгы демокр. органдары түзүлдү. Бирок бат. державалары Б-ди оккупациялоого катышуу ж-а аны башкаруу үчүн өздөрүнө берилген укуктарды кыянаттык м-н пайдаланышты. Бул Б-дин Демократиялык Б. ж-а Батыш Б. болуп бөлүнүшүнө алып келди. Бат. державалардын ырк бузган мындай иштерине жооп катарында 1948-ж. 30-ноябрда эмгекчилердин ыктыяры м-н Б-дин сов. секторунда демокр. магистрат түзүлдү. 1949-ж. 7-октябрда Германия Демокр. Респ-касы жарыяланып, анын борбору Б. болуп калды.

19-к-дын орто ченинен баштап Б. ири ө. ж. борборуна айланды. 1939-ж. Германиянын бардык ө. ж. өндүрүшүнүн 8,7% Б-де өндүрүлгөн. Мында бүткүл өлкөдөгү электр тех. ж-а машина куруу, оптика мех. ө. ж-лары топтолгон. Б-де о. кылымда көбүнчө *готика* стилинде тургузулган чиркөөлөр болгон. 18-к-да ж-а 19-к-дын башында түз көчөлөр, кең аянттар (Унтер-ден-Линден) салынган. *Барокко* стилинде Цейхгауз (азыр Немец тарыхынын музейи), 18-к-дын классицизм стилинде Опера театры, ун-т, Бранденбург дарбазасы ж-а 19-к-да классицизм стилинде Драма театры, Эски музей ж. б. курулган. 19-к-да 20-к-дын башында шаар четинде жумушчулар жашай турган р-ндор, ортосуна өкмөт мекемелери (ратуша, рейхстаг), өндөгөн завод-фабрика, кинотеатр курулган.

Ад.: Советский Союз и берлинский вопрос (Документы), в. 1—2, М., 1948—49; Крымский М., Берлинский вопрос, М., 1958.

БЕРЛИН — Германия Демокр. Респ-касынын саясий, экономикалык, илимий ж-а маданий борбору. Шпре д-нын боюнда жайгашкан. Аянты 403 $км^2$, калкы 1088 миң (1972). ГДР түзүлгөндө (1949) Б-де респ-канын борб. органдары жайгашкан. ГСБП БКнын «Берлинди калыбына келтирүүнүн улуттук программасын» (1951) турмушка ашыруу үчүн элдик бийлик согушта катуу жапа чеккен Б-ди кайра тургузуу жагынан көп иш кылды. Б-де борбордук мамл. органдары м-н катар ГДРдеги бардык саясий партиялардын, профсоюздардын, жаштардын ж. б. массалык уюмдардын борб. органдары турат. Б-де бир катар эл аралык маанилүү съезддер, конф-ялар, слёттор болуп өткөн.

Б.— дүйнөдөгү эң кооз шаарлардын бири; ГДРдин т. ж., аба ж-а суу жолдорунун тоому. Ири индустрия-



Берлин. Карл Маркс көчөсү.



Улуу Ата Мек. согушта курман болгон советтик жоокерлерге тургузулган эстелик. Трептов паркы. Берлин.

луу шаар. Анын негизги тармактары: электр тех., тамак-аш, трансп. машина куруу, химия, жеңил ө. ж.

ГДРдин Мин. Советинин чечими б-ча (1964), борборду кайра куруу жагынан бир топ маанилүү чаралар ишке ашырылды. Б-де бир нече ө. ж. мекемеси кайрадан курулуп, миңдеген архит. эстеликтер калыбына келтирилди. 1960-жылдары Унтер-ден-Линден көчөсүндө, Маркс-Энгельс-плац, Александерплац аянттарында бийик жаңы үйлөр курулду. Ленинплац аянтында көп кабаттуу туракжай имараттары, В. И. Лениндин эстелиги ж-а Трептов паркында Сов. Армиянын жоокерлерине эстеликтер тургузулган. Б-де жог. ж-а атайы орто окуу жайлары, ил. из. мекемелери көп. Анда ГДРдин ил. из. советн, ИАсы, ин-ттар, Гумбольдт атн. ун-т, К. Маркс атн. Жогорку парт. мектеп, китепканалар, музейлер, театрлар, обсерватория, зоопарк бар.

БЕРЛИН Батыш — саясий жагынан өзгөчө шаар. Б. Б. Шпре д-нын Хафель д-на куйган жеринде. Аянты 479 *км*². Калкы 2,1 млн (1970). Б. Б. 12 шаардык р-нго бөлүнөт. Берлинди биргелешип оккупациялоо ж-а башкаруу ж-дөгү келишимди бузган бат. державаларынын сепараттык саясатынын натыйжасында шаардын 2ге бөлүнүшүнөн кийин өзгөчө саясий бирдик катары Б. Б. негизделген (к. *Берлин*, Германиянын 1871—1945-жылдагы борбору). Экономикасынын өнүгүшү жагынан Б. Б. ГДРден артта турат. Экон. абалдын оордугу ж-а саясий келечегинин белгисиздиги Б. Б-деги калктын көбүн ГДР ж-а соц. өлкөлөр м-н мамилени жакшыртуу, байланыш түзүүнүн туура экендигине ынандырып жатат. 1953-ж. 17-июнда Б. Б-де ГДРдин борборунда контррев-ячыл козголоң уюштурууга аракет жасалган. Б. Б-де бузуп-жаргыч, чалгындоо уюмдары көп, анда радио м-н теле көрсөтүү дайыма ГДРге кас пропаганданы жүргүзүп келатат. Б. Б-де абалды нормалдаштыруу ж-дө СССР м-н ГДР бир нече жолу сунуш киргизди. Бирок бул сунуштарды бат. державалары четке кагып келе жатат. ГФРдин ж-а анын НАТО б-ча союздаштарынын ГДРге ж. б. соц. өлкөлөргө Б. Б. аркылуу жүргүзүп жаткан агрессчил аракеттерине байланыштуу ГДРдин өкмөтү 1961-ж. августта Б. Б-дин чек арасын бекемдеп, ар кандай бүлдүргүч иштерди жасаганына тоскоол болуучу чараларды көрдү. СССР, ГДР ж. б. соц. өлкөлөр ГФРдин Б. Б-ге законсуз умтулуусуна каршы ырааттуу күрөшүп келе жатышат. СССР м-н ГДР ортосундагы договор (1964-ж. 12-июнь) б-ча Б. Б. өз алдынча саясий бирдик катары каралган.

Б. Б-дин саясий партиялары: Социал-демократиялык партия (1945), Христиандык-демократиялык союз (1945), Эркин демократиялык партия, Улуттук-демократиялык партия (1967), Батыш Берлин социалисттик бирдиктүү партиясы (1962).

Согуштан кийин Б. Б-дин экономикасы АКШ, Англия, Франциянын жүргүзгөн саясатына байланыштуу дурус өнүгө албады. Буга согуштан кийин Б. Б-деги бир катар ө. ж. ишканаларынын Бат. Германияга көчүрүлүшү, жумушчу күчүнүн жетишсиздиги ж-а ГДР м-н карым-катнашынын жоктугу да себеп болду. Б. Б-дин экономикасы негизинен Бат. Герм., амер. ири монополисттердин карамагында. 1945-жылдан кийин ө. ж-нын структурасы бир топ өзгөрдү. Ө. ж. негизинен согушка чейинки деңгээлге жетти, бирок ө. ж-нын кээ бир тармактары (электр тех., кийим тигүү) согушка чейинкиге караганда, төмөндөп кеткен. Б. Б-ди калыбына келтирүү, кайра куруу б-ча бир катар аракет жасалып, жаңы турак жайлар, курулуштар пайда болду: Шиллер театры, Амер. мемориалдык китепканасы ж. б. Рейхстаг имараты м-н Бельвю сарайы калыбына келтирилген, Тиргартен паркында Берлинди бошоткон жоокерлерге эстелик тургузулган. Б. Б-де ун-т, жог. мектептер, ин-ттар ж. б. бар.

БЕРЛИН КОНГРЕССИ (1878) — Россия м-н Турция ортосундагы 1877—78-жылдагы согушту бүтүргөн Сан-Стефано тынчтык договорунун шарттарын кайра кароо үчүн чакырылган эл аралык конгресс. Буга Россиянын, Англиянын, Австрия-Венгриянын, Германиянын өкүлдөрү, о. эле Франция м-н Италиянын делегациялары катышкан. 1(13)-июлда Берлин трактатына кол коюлуп, Сан-Стефано договорунун шарттары өзгөртүлгөн: ошол договор б-ча Болгариянын составына кирген Македония Турцияга кайтарылган; автономия алган Болгариянын терр-ясы жарымынан көбүрөөк кыскарган; түш. Балкандын болгарлар жашаган аймагында автономиялуу деп саналган, бирок чынында султанга көз каранды Чыг. Румелия мамл-ти түзүлгөн; Сербия, Черногория, Румыния көз каранды эмес өлкөлөр деп жарыяланган; Австрия-Венгрия Босния м-н Герцеговинаны *оккупация* кылууга «укук» алган. Россиянын карамагында Корс ж-а Ардаган округдары, Батум ш. м-н Бессарабиянын түш. тарабы калган. Б. к-нин бул бүтүмдөрү *Балкан согушуна (1912—13)* дейре күчүндө турган.

БЕРЛИН ОПЕРАЦИЯСЫ (1945) — Советтер Союзунун Улуу Ата Мек. согушунун (1941—45) убагындагы 2-Белорус (Сов. Союз. Маршалы К. К. Рокоссовский), 1-Белорус (Сов. Союз. Маршалы Г. К. Жуков), 1-Украина (Сов. Союз. Маршалы И. С. Конев) фронтторунун 16-апрелден 8-майга чейинки чабуул коюу операциясы. Сов. аскерлер 1945-жылдын янв.-мартында Чыг. Пруссия, Польша ж-а Чыг. Помераниядагы душмандын ири күчтөрүн талкалап, кеңири фронт м-н Одер ж-а Нейсе д-ларына чыгышып, Германия жерине терең кирип барышты. Ал эми англ., амер. аскерлер душмандын катуу каршылыгына учурабай алдыга тез жылышты. Анткени гитлерчилер союздаштардын келишпестигинен пайдаланып, англ.-амер. башкаруучу чөйрөлөр м-н сепараттык тынчтык түзүүгө умтулган ж-а бардык күчүн сов. аскерге каршы жумшап, Берлинге кире беришке аны токтотмокчу болгон. Немец фашисттер командованиеси Берлин багытына ген.-полк. Г. Хейнрици башкарган армиялардын «Висла» тобунун ири группировкасын ж-а ген.-фельдмаршал Ф. Шернер башкарган «Борбор» армиялар тобунун 4-танкалык ж-а 17-армияларын топтоду. Берлинди коргоо үчүн Одер ж-а Нейсе д-ларынын бат. жээктеринде аралыгы 20—40 *км* ге жеткен 3 катар коргонуу тилкесин түзүштү. Шаардын өзү да 3 катар туюк курчоого алынып, көчөлөрү чепке айландырылып, баррикадалар курулду.

Берлинге чабуул коюу үчүн сов. командование 2,5 млн. адам, 41 600 замбирек м-н миномёт, 6250 танка ж-а өзү жүрүүчү замбирек, 7500 самолёт топтоду. Б. о. 16-апрелде башталды. Сов. аскерлердин соккуларына гитлерчилер канчалык жанталашып каршылык көрсөтүшсө да, туруштук бере алышкан жок. 1-Белорус ж-а 1-Укр. фронтторунун аскерлери душмандын коргонуусун бузуп, Берлинди түн. ж-а түш. тарабынан айланып өтүп, 24-апрелде анын түш.-чыг. четинен бириги шти. 25-апрелде бул фронттордун аскерлери Кетцин р-нунда жолугушуп, душманды курчоого алышты. 1-Белорус ж-а 1-Укр. фронтторунун аскерлери Берлиндин түш.-чыгышында курчоого алынган душмандардын группировкасын 1-майда талкалап бүтүштү. 21-апрелден 2-майга чейин Берлиндин көчөлөрүндө күндүр-түндүр салгылашуулар болуп турду. Душман айыгышкан каршылык көрсөттү. Бирок 30-апрелде ген.-полк. В. И. Кузнецовдун 3-армиясы

рейхстагды алуу үчүн салгылашууну баштап, ошол күнү кечинде рейхстаг алынып, анын төбөсүнө сержанттар М. А. Егоров м-н М. В. Кантария Жеңиш Туусун сайышты. 2-майдын таңында Берлин гарнизонунун калган аскерлери биротоло талкаланып, саат 15те Берлин коргонусунун начальниги ген. Вейдлинг баш болгон душман аскерлери туткунга алынды. Сов. аскерлер батыштагы чабуулун улантып, 1-Укр. фронтунун аскерлери 25-апрелде Риза м-н Торгау р-ндорунун тегерегинде амер. 1-армиянын алдыңкы бөлүктөрүнө жолугушту. 7-майда 1-Белорус фронтунун аскерлери Бат. Померанияда ж-а Макленбургда жеңиштүү чабуулдарын улантып олтуруп, 4-майда Балтика жээгине, Висмар, Шверин ж-а Эльде д-нан чыгышып, англ. аскерлер м-н кездешти. 4—5-майда Воллин, Узедом ж-а Рюген а-дарын бошотушуп, 9-майда немец фашист аскерлеринин капитуляциясын кабылдоо үчүн Даниянын Борнхольм а-ына өтүшкөн. Б. о-нын жүрүшүндө сов. аскерлер душмандын жөө аскерлеринин 70, танкалык 12 ж-а механикалашкан 11 дивизиясын толук талкалап, 480 миңге жакын адамын туткунга алышкан. Б. о-сында сов. аскерлердин өлгөнү, жарадар болгону ж-а дайынсыз жоголгону 304 миңден ашык адам болду; 2156 танкасын ж-а өзү жүрүүчү замбирегин, 1220 замбирегин, миномётторун ж-а 527 самолётун жоготту. Б. о-сын аяктап, сов. аскерлер союздаштардын аскерлери м-н бирдикте немец фашист согуш машинасын биротоло талкалады. 8-майда Германиянын командованиесинин Кейтель башчылык кылган өкүлдөрү Германиянын кыңк этпей багынып бергендиги ж-дөгү актыга кол коюшту.

Ад.: 50 лет Вооруженных Сил СССР, М., 1968; История Великой Отечественной войны, 1941—1945, т. 5, М., 1964; Жуков Г. К., Воспоминания и размышления, М., 1969; Конев И. С., Сорок пятый, М., 1966.

БЕРЛИН ПАКТЫСЫ — Германиянын, Италиянын ж-а Япониянын өкүлдөрүнүн 1940-ж. он жылга түзгөн агрессиячыл союз ж-дөгү договору. Договорго 27-сентябрда Берлинде кол коюлган. Импер. 3 мамлекет дүйнөнү кайра бөлүштүрүүнү көздөгөн. Германия м-н Италия Европада, Япония Азияда «жаңы тартипти» орнотмокчу; анын катышуучулары бири бирине саясий экон. ж-а согуштук жардам көрсөтүүгө милдеттенишкен. Б. п-на Германияга көз каранды болгон Венгриянын (1940-ж. 20-нояб.), Румыниянын (1940-ж. 23-нояб.) ж. б-дын өкмөттөрү да кирген. Югославиянын жаңы өкмөтү пактыга кошулуу актысын бекитпей койгон. Кийинчерээк ага Финляндия, Испания, Таиланд, Хорватиянын, Маньчжоу-Гонун марионеткалык «өкмөттөрү», Кытайдагы Ван Цзин-вэйдин «өкмөтү» кошулган. Б. п. агрессорлордун СССРге кол салуу планы м-н тыгыз байланышта болгон. 2-дүйн. согушта (1939—45) фаш. блоктун талкаланышы Б. п-нын жоюлушуна алып келди.

БЕРЛИН УНИВЕРСИТЕТИ Гумбольдт атындагы — ГДРдеги эң ири ун-ттердин бири, ил. борбору. 1809-ж. негизделип, ага биринчи Вильгельм фон Гумбольдт жетекчилик кылган. Б. у-нде 7 ф-тет болгон, ага Потсдамдагы астрон. обсерватория ж. б. ил. мекемелер кирген. 1887-ж. чыгыш тилдери б-ча бөлүм ачылган. Б. ун-тинде К. Маркс (1836—41) окуган, Ф. Энгельс лекцияларга (1841-жылдан кийин) катышкан. Анда атактуу физиктер А. Эйнштейн, Э. Шрёдингер, М. Планк, В. Нернст иштеген. 1968—69-окуу жылында 9 ф-тет, 1900 окутуучу, 14 миң студент болгон.

«БЕРЛИН-РИМ ОГУ» — Германия м-н Италиянын согуштук-саясий союзу; Берлин келишиминин (1936-ж. 25-окт.) негизинде түзүлгөн. Келишим 5 пункттан турат. Анда тараптар тышкы саясат жагынан позицияларынын топ келердигин белгилешкен; Балканда ж-а Дунай д-нын бассейнинде экспансия чөйрөлөрүн чектөөгө макулдашышкан; Испаниядагы фаш. козголоңчуларга берилүүчү согуштук жардамды күчөтүүнү белгилешкен. «Б.-Р. о-нун» түзүлүшү агрессорлордун 2-дүйн. согушту даярдоо ж-а таңуулоо жолунда маанилүү учур болгон. «Б.-Р. о-нан» кийин Герм. м-н Япония «Антикоминтерндик пактыга» кол коюшкан (1936-ж. 25-окт.). 1937-ж. 6-ноябрда ага Италия кошулган. СССРдин ж-а антифаш. коалициядагы башка мамлекеттердин 2-дүйн. согушта жеңип чыгышы «Б.-Р. о-нун» жоюлушуна алып келген.

БЕРЛИОЗ Гектор Луи (11. 12. 1803—8. 3. 1869) — француз композитору, белгилүү дирижер ж-а музыка изилдөөчү, жазуучу. Париж консерваториясын бүтүргөн (1830). «Сарданапал» кантатасы үчүн Рим сыйлыгын алган (1830). Симф. музыканы театрлаштырууга умтулган. Көрүнүктүү чыг-лары: «Фантастикалык симфония» (1830), «Реквием» (1837), «Ромео жана Жульетта» (1839). «Фаустту айыптоо» ораториясы (1846), «Трояндыктар Карфагенде» (1855—59) ж. б. Б. дирижерлук кылуу б-ча Р. Вагнер м-н бирге жаңы мектепке негиз салган. Б. музыкадагы романтизмдин ашкере маалым өкүлдөрүнөн. Ал новатор катары музыкага форма, гармония, инструментовкалоо б-ча көп жаңылыктар киргизген.

Ад.: Соллертинский И., Берлиоз [3 изд.], М., 1962.

БЕРМА — 1) топурак плотинанын, т. ж-го төгүлүүчү шагылдын, каналдын жантаймасындагы тектирче. Ал жантайманын бекем болушу ж-а аны жамгыр, кар суулары жууп кетпесин үчүн жасалат. Карьерлерде туурасы 8—15 *м* болгон трансп. Б. ж-а карьердин капталдарынын урашын сактай турган коргогуч Б. (3—5 *м*) курулат. 2) Окоп казганда сыртка ыргытылган топурак кайра ичине түшпөсүн үчүн окоп м-н топурактын ортосунда калтырылуучу тилкече (туурасы 10 *см*).

БЕРМЕТ — тузсуз ж-а туздуу сууларда жашаган кээ бир үлүлдөрдүн кабыгы м-н ички жука кабыгынын аралыгында пайда болуучу күмүштөй жалтырап, кубулуп туруучу саргыч түстөгү катуу, тоголок заттар. Ошол эки кабыктын арасына майда кумга окшогон катуу заттар кирип, денесин өйкөп дүүлүктүргөндө, катуу ж-а ички кабыгы бөлүп чыгарган көмүр кычкыл кальций м-н аралашып Б. пайда болот. Алар өтө кооз келиш, шакек, сөйкө, билерик, чачпак, чолпу сыяктуу буюмдарды кооздоо үчүн пайдаланылат. Б. таруудайдан көгүчкөндүн жумурткасындай көлөмдө болот. Ал көлөмүнө, салмагына карата бааланат. Деңиз Б. Персия булуңу, Кызыл деңиз, Япония, Шри-Ланка Австралия жээктеринен; тузсуз суу Б. Карелия, Мурманск, Архангельск, Ы. Чыгыштан алынат.

БЕРМЕТ МУКУРУ — бийик тоолордо жашаган чоңдугу таранчыдай, түсү көгүш, канаттарында кулпунган кызгылт жүндөрү бар чымчык, к. *Мукурлар*.

БЕРМЕТЧЕНДЕР — деңизде ж-а тузсуз сууда жашоочу кош капкалуулар классындагы үлүлдөрдүн жалпы аты. Деңизде жашоочу Б-дин кош капкалуу, симметриялуу кабыктары бар, алды жагы жумуру, арт жагы бир аз сүйрүрөөк. Мис., Margaritifera уруусуна кирген Б-дин кабыгынын диаметри 30 *см* ж-а салм. 10 *кг* га жетет. Жылуу деңиздерде 100 жылга чейин жашайт. Тузсуз сууда жашоочу Б. Европадагы, Чыг. Азиядагы ж-а Түн. Америкадагы; СССРдин Түн. Европа бөлүгүндөгү, Камчатка ж-а Сахалиндеги дарыяларда кездешет. Б-дин седеп кабаты түрдүү кооз буюмдарды (топчу, мончок) жасоодо пайдаланылат.

БЕРМУД АРАЛДАРЫ — Атлантика океанындагы коралл аралдарынын (300гө жакын) тобу. Түн. Америка материгинен 900 *км* чыг. тарапта. Улуу Британиянын колониясы. Аянты 53,3 *км*². Калкы 52 миң (1970), бермуддар. Админ. борбору — Гамильтон. Климаты тропиктик, нымдуу. Эң суук мезгилинин (март) орт. темп-расы 16,7°C, эң жылуу учурда (август) 26,7°C, жылдык жаан-чачыны 1350 *мм* ге чейин. Балык уулоо, туризм өнүккөн. Курорттор бар.

БЕРН — Швейцариянын борбору. Ааре д-нын өйүз-бүйүзүндө. Калкы 168 миң (1970). 1191-ж. негизделген. 1218-ж. империялык эркин шаар болуп, 1353-ж. Швейцария конфедерациясына кирген. 1415-ж. Ааргауну, 1536-ж. Вону (Ваадт) өзүнө кошуп алган. 1528-ж. Б-де Реформация жүргүзүлгөн. Бюргерлер, Б-ге баш ийген плебейлер ж-а дыйкандардын 17—18-к-дагы патрицийлерге каршы жүргүз-

ген күрөшү (1653-жылдагы Дыйкандар согушу, 1723-жылдагы көтөрүлүш, 1749-жылдагы Генци заговору) ырайымсыздык м-н басылган. Б-ди француздар ээлегенден кийин (1798), шаардагы бийлик бурж. элементтердин колуна өткөн, Ааргау м-н Во көз карандысыз эместик укугун алышкан. 1813-ж. патрицийлердин бийлиги калыбына келген (1830-жылга чейин бийлеген). 1848-жылдан Швейцариянын борбору. 20-к-дын башында рев-чыл орус эмигранттарынын борборлорунун бири. Б-де В. И. Ленин жашаган ж-а иштеген (1914-ж. сент.—1916-ж. февр.). 1915-ж. 27-февралдан 4-мартка чейин Б-де РСДРПнин чет өлкөлөрдөгү секцияларынын конф-ясы өткөрүлгөн. Б.—транзиттик мааниси бар ири трансп. тоому. Анда эл аралык бир топ уюмдар (Бүткүл дүйн. почта союзунун бюросу, Эл аралык теле байланыш союзу, Эл аралык трансп. союзу ж. б.) иштейт. Электр-тех. так машина жасоо (телефон, электр аппаратура, полигр. машиналары ж. б.), кездеме токуу, тамак-аш, жыгач иштетүү ө. ж-лары бар. Эл аралык туризмдин ири борбору. Университет (1834-ж. негизделген), Швейцария улуттук китепканасы, музейлер, соңку готикалык ыйык Винцент собору (1421—1588) ж-а ратуша (1406—17) сыяктуу архит. эстеликтер бар.

БЕРН ИНТЕРНАЦИОНАЛЫ — *Берн* ш-нда 1919-ж. 3—10-февралда өткөн конф-яда с.-д. партиялардын социал-шовинизм, оппортунизм позициясында турган лидерлери негиздеген эл аралык уюм. Б. и. Австрия, Аргентина, Болгария, Венгрия, Германия, Дания, Италия, Нидерланддар, Палестина, Улуу Британия, Финляндия, Франция, Чехословакия, Швейцария ж-а Швециянын с.-д. партияларын бириктирген. Анын 3 конф-ясы Амстердамда (1919, апр.), Люцернде (1919, авг.), Женевада (1920, июль—авг.) өткөн. Б. и-нын лидерлери (К. Я. Брантинг, К. Каутский, Э. Бернштейн, П. Ренодель ж. б.) 1914-ж. кыйроого учураган 2-Интернационалды калыбына келтирүүгө, рев-чыл ж-а коммунисттик кыймылдын өсүшүнө, Коминтерндин түзүлүшүнө тоскоолдук кылууга умтулушкан. Алар Сов. Россиядагы пролет. диктатурасына каршы чыгышып, бурж. демократияны даңазалашкан. В. И. Ленин Б. и-нын жол башчыларын катуу сынга алган. Б. и. 1923-ж. май айында Вена интернационалы м-н биригип, Соц. жумушчулар интернационалына айланган.

Ад.: Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 29-т.

БЕРНАР Клод (12. 7. 1813—10. 2. 1878) — франц. физиолог ж-а патолог, азыркы физиол. ж-а эксперименттик патологияга негиз салуучулардын бири. Париж ИАнын мүчөсү (1854). Париж ун-тин (1839) бүтүп, Ф. Мажандинин лабораториясында иштеген. 1854-жылдан Париж ун-тинин жалпы физиол., 1868-жылдан Табигый тарых музейиндеги салыштырма физиол. кафедрасынын жетекчиси. 1843-ж. 1-жолу шилекей безинин секрециялык нервинин анатомиясы ж-а физиологиясы ж-дөгү эмгегин жарыялаган. Уйку безинин ж-а боордун иштери б-ча изилдөөлөр жүргүзгөн. Б. углеводдук алмашууну изилдеп, аны жөнгө салууда *боор* ж-а *борбордук нерв системасы* катышаарын аныктаган. 1853-ж. Б. бүткүл кан айлануу системасын ж-а дененин бөлүктөрүн кан м-н камсыздандырууну жөнгө салууга катышуучу *симпатикалык нерв системасынын* кан тамырды кыймылдатуучу функциясын ачкан.

БЕРНАР ТОГУ, диадинамикалык ток (медицинада) — 50—100 *гц* жыштыктагы электр тогу. Ал белгилүү бир формадагы импульс түрүндө болот. Б. т. оорулуу адамга түрдүү дарылык таасирин тийгизет. Куяңда, муун ж-а нерв сезгенгенде, алардын айыгышына көмөк берет. Бул методду француз врачы П. Бернар киргизген (1946).

БЕРНС Роберт (25. 1. 1759—21. 7. 1796) — Шотландия акыны. Кедей-дыйкан үй-бүлөсүнөн чыккан. Жаштайынан жакырчылык турмуштун каарын көргөн. Өз алдынча окуп билим алган. Шотландиянын элдик ырларына шыктанып, 15 жашынан ыр жаза баштаган. Жерг. чиркөөнүн төбөлдөрүн келекелеген «Эки койчу» (1784), «Сопусунган Виллинин намазы» (1785) деген сатиралык поэмалар жазган. «Көбүн эсе шотландия диалектисинде жазылган ырлар» (1786) деген биринчи китеби аны атак-даңкка бөлөгөн. Шотландиянын муз. ж-а поэтикалык фольклорун чогултуп чыгарган. Рев-ялык доордун алдыңкы адамы Б. фольклорду агартуучулук гуманизм м-н реализмдин духунда кайра иштеп чыккан. Анын лирикасындагы негизги жанр — ыр (песня). Анын ырлары элдик поэзиянын духу ж-а жамалы, азатчыл идеялар, лиризм ж-а юмор м-н каныккан. Акындын ырлары 19-к-дын башынан орусчага которула баштаган. Алардын ичинен С. Я. Маршактын котормолору мыкты деп бааланат. Б-тин ырлары кыргызча да бирин-серин которулган.

Чыг.: «Ала-Тоо», 1964, № 1; «Ленинчил жаш», 1968, 22-авг.; Роберт Бернс в переводах С. Маршака, кн. 1—2, М., 1963.

БЕРНУЛЛИ — швейц. илимпоздор үй-бүлөсү.

Якоб Б. (27. 12. 1654—16. 08. 1705) — Базель ун-тинин матем. б-ча проф. (1687). *Лейбництин* дифференциалдык эсептөөлөрү м-н таанышып, бир катар ийри сызыктардын касиеттерин үйрөнүүдө жаңы идеяларды колдонгон. Бир тууганы Иоганн м-н бирге *вариациялык эсептөөгө* жол салган. Чоң сандар законунун бир көрүнүшү болгон *Бернулли теоремасын* далилдеген. Натуралдык сандардын бирдей даражалуу суммаларын эсептөөдө *Бернулли санын* ачкан. Физика б-ча да иштеген.

Иоганн Б. (27. 7. 1667—1. 1. 1748) — Якоб Б-нин иниси, Гронинген (Голландия, 1695-жылдан) ж-а Базель (1705-жылдан) ун-ттеринин проф., Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү. Интегралдык ж-а дифференциалдык эсептөөлөрдү иштеп чыгууда Лейбниц м-н кошо иштеген. Бул тармакта бир катар ил. ачылыш жасаган. Дифференциалдык ж-а интегралдык эсептөөлөрдүн биринчи системалуу баяндамасын берип, кадимки дифференциалдык теңдемелердин чыгарылыш методун иштеп чыккан. Геод. сызыктар ж-дөгү классикалык маселелерди чыгаруу м-н аны мүнөздөөчү геом. касиеттерин тапкан. Механика б-ча да баалуу изилдөөлөрдү (согуу теориясы, каршылыктуу чөйрөдөгү нерсенин кыймылы, чыпыгы күч ж-дө окуу ж. б.) жүргүзгөн.

Даниил Б. (29. 1. 1700—17. 3. 1782) — Иоганн Б-нин уулу. Физиол., мед., айрыкча матем. ж-а механика илимдери б-ча көп иштеген. Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү, Базель ун-тинде физиол. (1733) ж-а механика (1750) б-ча проф. Ал математика б-ча төмөнкү эмгектерди жаратты: алгебр. теңдемелердин кайрылма катардын жардамы м-н сандык чыгарылыш методу, кадимки дифференциалдык теңдемелер, ыктымалдык теориясы, астрономия, катарлар теориясы ж. б. Петербургда жазылган «Гидродинамика» аттуу эмгегинде (1738) идеалдык суюктуктардын стационардык кыймылынын негизги теңдемесин чыгарган. Бул гидродинамикада *Бернулли теңдемеси* деген ат м-н белгилүү. Газдар ж-дөгү кинетикалык теорияны да иштеп чыккан. Б-лердин укум-тукумунан (небере, жээндеринен) да математиктер чыккан.

БЕРНУЛЛИ САНЫ — матем. анализ ж-а сандар теориясынын ар түрдүү маселелеринде кезигүүчү рационалдуу сандардын атайы удаалаштыгы. Б. с-н матем. анализге Я. *Бернулли* киргизген. Ал B_n деп белгиленет ж-а $\frac{t}{e^t-1}$ функциясын чексиз катарга ажыратканда келип чыккан коэффициенттер аркылуу аныкталат: $\frac{t}{e^t-1} = \sum_{n=0}^{\infty} \frac{B_n}{n!} t^n$. Бул катардан B_n ди аныктоо татаал. Ошондуктан B_n саны $(B+1)^n = B^n (n = 2, 3, 4, ...)$ барабардыктын сол жагындагы биномду ачкандан кийин, даража көрсөткүчтү төмөнкү индекстерге алмаштырганда пайда болгон рекурренттик байланыштан табылат. B_n санынын алгачкы маанилери $B_1 = \frac{1}{2}$, $B_2 = \frac{1}{6}$, $B_3 = 0$,... болот.

БЕРНУЛЛИ СХЕМАСЫ (*Я. Бернуллинин* ысмынан) — ыктымалдык теориясында кандайдыр *A* окуя *p* ыктымалдык м-н пайда болуш үчүн бир эле тажрыйбаны бирдей шартта бир нече кайталап көрсөтүүчү матем. үлгү. Мис., ящикте чоңдугу бирдей 6 ак, 4 кара шар бар дейли. Шарларды көрбөй туруп ящиктин ичинен бирден шар алалык. *A* окуя ак шардын чыгышы болсун. Кийинки алып чыгууда шарт бирдей болсун үчүн алып чыккан шарды кайра ящиктин ичине салып турабыз. Бул учурда $p = \frac{6}{6+4} = 0,6$. Тажрыйбаны *n* жолу кайталаганда, ак шардын *m* жолу чыгыш ыктымалдыгы $P_n(m) = C_n^m p^m \cdot (1-p)^{n-m}$ болот ($m \leqslant n$).

БЕРНУЛЛИ ТЕҢДЕМЕСИ — $\frac{dy}{dx} + p(x)y = q(x)y^n$ (1) түрүндөгү дифференциалдык теңдеме (*n* — ар кандай чыныгы сан, берилген $p(x)$, $q(x)$ — *x* тен үзгүлтүксүз функциялар). Б. т-н дайыма сызыктуу теңдемеге келтирүүгө болот. (1) теңдеменин эки жагын y^n ге бөлүп, $y^{1-n} = z$ десек $\frac{dz}{dx} + (1-n)p(x)z = (1-n)q(x)$ теңдемени алабыз. Мындан *z* ти табабыз. Анда (1) нин жалпы чыгарылышы $y = e^{\int (n-1) p(x) dx} [c + \int (1-n) \cdot q(x) e^{\int (1-n) p(x) dx} dx]^{\frac{1}{1-n}}$ болот. Б. т. Дарбу теңдемесин, Риккати теңдемесин чыгарууда колдонулат.

БЕРНШТАМ Александр Натанович [18. 9(1. 10). 1910—10. 12. 1956] — сов. археолог, тарых илимд. доктору (1942). Ленинград мамл. ун-тинин проф. (1946—52). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Жети-Суу, Тянь-Шань, Памир-Алай, Фергана аймагында археол. иштер жүргүзгөн, О. Азиядагы б. з. ч. 2-миң жылдыктан б. з. 15-к-на чейинки археол. эстеликтерди мезгилдештирип чыккан. Б-дын эмгектеринде О. Азиядагы, айрыкча Кырг-ндагы байыркы көчмөн элдердин ж-а уруулардын этногенези, коомдук түзүлүшү, чарбасы, о. эле мад-ты м-н искусствосунун тарыхы, эпиграфикасы ж-а нумизматикасы баяндалат. Негизги эмгектери: «6—8-кылымдагы Орхон-Енисей түрктөрүнүн социалдык-экономикалык түзүлүшү» (1946), «Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери» (1950), «Чүй өрөөнү» (1950), «Гунндар тарыхынын очерки» (1951), «Байыркы Фергана» (1951), «Борбордук Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын тарыхый-археологиялык очерктери» (1952), «Талас өрөөнүнүн байыркы эстеликтери» (1941) ж. б.

Чыг.: Кыргыз элинин өткөндөгү тарыхый күндөрү, Фр., 1943; Археологический очерк Северной Киргизии, Фр., 1941; Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая, М.—Л., 1952.

БЕРНШТЕЙН Эдуард (6. 1. 1850—18. 2. 1932) — немец с.-д. партиясы м-н 2-Интернационалдын оппортун. тарабынын лидери, ревизионизмдин идеологу. 1872-ж. с.-д-тарга кошулган. Ал Е. *Дюрингдин* жолуна түшүп, лассальчылар м-н идеялык компромиссте болууну жактаган. 70-жылдардын аягында К. Хёхбергге, К. Шраммга кошулуп рев-чыл күрөштөн баш тартууга, Бисмарктын режими м-н келишүүгө чакырган. К. Маркс м-н Ф. Энгельс сынга алгандан кийин оппортун. позициядан убактылуу четтей баштаган. Бирок 90-жылдардын ортосунда марксизмден биротоло кол үзүп, Маркстын илиминин негиздери эскирди деп, аны ревизиялоону сунуш кылган. К. Маркстын жумушчу табы, соц. рев-я, пролетариат диктатурасы ж-дөгү теориясына каршы чыгып, буржуазиянын идеологиясын жактаган. Б-дин идеяларын В. И. Ленин, Ф. Меринг, Р. Люксембург, П. Лафарг катуу сынга алышкан.

БЕРНШТЕЙНЧИЛИК — Э. *Бернштейн* негиздеген ревизионизмдин алгачкы түрлөрүнүн бири; марксизмдин негизги жоболорун өзгөргөн шарттарга «ылайык келбей калды» деген шылтоо м-н кайра карап чыгууну сунуш кылган оппортун. агым. Б. 2-Интернационалдын бат. европ. партияларынын жетекчи төбөлдөрү реформисттик жолго түшкөнүнөн улам тараган. Мындай оппортунизмдин келип чыгышын «жумушчу аристократиясынын» өсүшү, жумушчу кыймылына майда бурж. катмарлардын кириши шарттаган. Россияда Б-тин идеяларын «легалдык маркcчылар», «экономисттер» колдогон. Теорияда Б. пролетариатты идеялык жактан куралсыздандырып, диалек. материализмди идеализм м-н, К. Маркстын экон. илимин вульгардык ар түрдүү догмалар м-н, рев-чыл социализмди капитализмдин акырындап соц. коомго өсүп чыгышы ж-дөгү «теория» м-н алмаштырууга умтулган. Бернштейнчилер социализмди ил. негиздөө мүмкүнчүлүгүн, анын зарылдыгын ж-а шексиздигин, капит. карама-каршылыктардын ырбашын, таптык күрөштүн теориясын ж. б. танышкан. В. И. Ленин гана Б-ти ж-а аны м-н келишүүчүлөрдү аёосуз ашкерелеп, таш-талканын чыгарган.

БЕРТЕЛЬС Евгений Эдуардович [13 (25). 12. 1890—7. 10. 1957] — чыгыш таануу б-ча сов. илимпоз, СССР ИАнын мүчө-корр. (1939), Иран ИАнын (1944), Дамаскидеги Араб ИАнын (1955) мүчө-корр. 1920-ж. Петроград ун-тинин чыгыш тилдер ф-тетин бүтүрүп, СССР ИАнын Азиялык музейине (азыр СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-ту) кирип, өмүрүнүн акырына чейин иштеген. Фарс, тажик, бир катар түрк тилдеринин тарыхы б-ча эмгектердин автору. Суфизмди ж-а суфизм ад-тын, Фирдоуси, Низами, Жами ж-а Навоинин чыг-лыгын изилдеген. Б. ирандык текстология б-ча сов. мектепти түзүп, ага жетекчилик кылган. «Низами» монографиясы үчүн СССР Мамл. сыйлыгын алган (1948). Б. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.


Я. Бернулли.


П. Э. Бертло.

БЕРТЛО Пьер Эжен Марселен (25. 10. 1827—18. 3. 1907) — француз химиги ж-а коомдук ишмер. Париж ИАнын мүчөсү (1873), Петербург ИАнын мүчө-корр. (1876). Б.— орг. химия, термохимия, агрохимия ж-а химиянын тарыхы б-ча көп эмгектердин, хим. негизги синтездердин автору. Ал бир канча орг. бирикмени синтездеп алуу м-н «турмуштук күч» ж-дөгү окууга сокку урган. 1853—54-ж. май к-таларын глицеринге таасир этүүдөн жаратылыш майына жакын майды синтездеген. Күкүрт к-тасынын катышуусу м-н этиленди гидраттап, этил спиртин алат, буга чейин этил спирти кантты ачытуудан гана алынып келген. Б. башка да көп жөнөкөй углеводороддорду (метан, этилен, ацетилен, бензол), алардын негизинде татаал бирикмелерди синтездейт. 1881-ж. экзо- ж-а эндотермиялык реакциялар ж-дө түшүнүктү киргизген. C, H, N ж. б. элементтердин өсүмдүктөр үчүн чоң мааниси бар экендигин түшүндүргөн. Б. кээ бир көз караштарынан жаңылыштык кетирип, атом-мол., хим. түзүлүш, электролиттик диссоциация теорияларына ж-а мезгилдик законго каршы турган. Бирок кийин өзүнүн туура эмес ойлорунан баш тарткан.

БЕРТРАНДИТ (франц. минералог Э. Бертрандын ысмынан) — минерал. Хим. формуласы $Be_4[(OH)_2(SiO_4SiO_3)]$. *Ромб системасында* кристаллданат. Өңү сары, түссүз, айнектей жалтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6,5—7,0, салышт. салм. 2,6. *Берилл* минералынын өзгөрүшүнөн пайда болот. Гердерит, турмалин м-н бирге гранит пегматиттеринде, кээде берилл минералы м-н бирге кварц тарамдарында, грейзендер ж-а нефелин-пегматиттеринде кезигет. Б.— бериллий алынуучу руда.

БЕРУТ Болеслав (18. 4. 1892—12. 3. 1956) — польшалык саясий ж-а мамл. ишмер. 1912-жылдан рев-ялык кыймылга катышкан. 1918-жылдан Польша компартиясынын (ПКП) мүчөсү. 1915—23-ж. Польшанын жумушчу кооперативдеринде, андан кийин ПКПнын жооптуу кызматтарында иштейт. Рев-чыл иши үчүн куугунтукталып, камакка алынган. Польшаны фашисттер басып алган жылдары Б. поляк элинин улуттук ж-а социалдык боштондукка чыгаруу күрөшүн уюштурууга катышкан. 1942-ж.

пайда болгон *Польшанын жумушчу партиясынын* (ПЖП) жетекчи органына кирген. 1944-ж. 1-январда *Крайова Рада Народованын* пред-ли болуп шайланган. 1944—47-ж. Польша Респ-касынын президенти ж-а Мамл. советтин пред-ли, 1952—54-ж. Польша Эл Респ-касынын Мин. Сов. пред-ли. 1948-ж. сентябрдан ПЖП БКнын ген. секретары, 1948-ж. декабрдан *Польшанын бириккен жумушчу партиясынын* (ПБЖП) БКнын Саясий бюросунун мүчөсү ж-а БКнын пред-ли. 1954-ж. марттан ПБЖПнин биринчи секретары.

БЕРҮҮЧҮ ГЕНЕРАТОР — орто ж-а жог. кубаттуулуктагы радио бергичтерде жог. жыштыктагы термелүүлөрдү өзү козголтуучу генератор. Ал жыштыкты бир калыпта кармап турат. Радио бергичтин чыгышында кубаттуу термелүүлөрдү алуу үчүн Б. г. пайда кылуучу термелүүлөр четтен козгогуч генератордун бир же бир нече баскычы м-н күчөтүлөт. Б. г. негизинен жарым өткөргүчтүү приборлордон даярдалат.

БЕРҮҮЧҮ РАДИО БОРБОР — бир канча радио бергичти (передатчик) иштетүүчү техн. ж-а көмөкчү курулуштардын комплекси. Б. р. б. таратуучу (1 тараптуу) ж-а магистралдык (2 тараптуу) радио байланыштуу болот да, анын имаратына радио бергичтер, токту түзөткүчтөр, лампаларды муздатуучу жабдуулар, антеналык коммутатор, текшерүүчү аппаратура ж. б. жайгаштырылат. Имараттын айланасындагы аянтка *антенналар* орнотулуп, фидер линиясы түзүлөт. Ири Б. р. б. диспетчердик телефон байланышы м-н жабдылат.

БЕРҮҮЧҮ ТЕЛЕ КӨРСӨТКҮЧ ТҮТҮК — фотоэффектинин жардамы м-н оптикалык сүрөттолүштү электр сигналына айландыруучу электр вакуумдуу түтүк. Б. т. к. т-төрдүн бардыгында сүрөттөлүштүн элементтери биринин артынан экинчиси электр сигналына айланат. Сыртқы фотоэффектини пайдалануу б-ча бул түтүк заряд чогултпоочу (диссектор) ж-а заряд чогултуучу (иконоскоп, *супериконоскоп,* ортикон, *суперортикон)* болуп бөлүнөт. *Видикон* түтүгүндө ички фотоэффект пайдаланылат.

БЕРЦЕЛИУС Йенс Якоб (20. 8. 1779—7. 8. 1848) — швед химиги ж-а минералогу. Стокгольм ун-тинин, мед.-хирургиялык ин-ттун проф. Стокгольм ИАнын мүчөсү (1808), 1810-жылдан президенти. Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү (1820). Б. элементтердин атомдук массасынын таблицасын түзүп, грекче же латынча аттарынын башкы тамгалары м-н белгилөөнү сунуш кылган; 2000ге жакын бирикменин %тик составын изилдеп чыккан. 1810—16-ж. эселик катыш законун ачып, орг. бирикмелердин составы ал законго баш ийерин далилдеген. 1815-ж. кээ бир орг. к-талардын биринчи формуласын жазган. Составы бирдей, касиеттери түрдүү орг. бирикмелерди *изомер* деп атаган. Гизингер м-н бирге түрдүү минералдарды, кендерди изилдеп, церий, селен, торийди ачкан. 1824—25-ж. 1-жолу эркин абалда кремний, титан, тантал ж-а цирконийди алган. Атом жүгүн окуунун негизделп, өнүктүрүүдө Б-тун өмгөгү зор. Б. 19-к-дын 1-жарымында химия илиминин өнүгүшүндө чоң роль ойногон.

БЕСКИДДЕР, Батыш ж-а Чыгыш Бескиддер — тоо массивдеринин ж-а кыркаларынын тобу. Карпат тоолорунун Польша, Чехословакия ж-а СССРдин чегиндеги болүгү. Бийиги. 1725 *м* (Бабья тоосу). Негизинен кайнозойдук кумдук ж-а слянец (флиш) тоо тектеринен турат. Тоо капталдарын 1400 *м* бийиктикке чейин аралаш ж-а ийне жалбырактуу токойлор, андан жогору субальпы шалбаасы каптап жатат.

БЕССЕЛЬ ТЕҢДЕМЕСИ — $x^2y'' + xy' + (x^2 - p^2)y = 0$ түрүндөгү 2-тартиптеги сызыктуу дифференциалдык теңдеме. Параметр p каалаган (чыныгы же комплекстик) маанини алышы мүмкүн. Бул теңдеме Ф. Бесселдин ысмы м-н аталган. Кээ бир физ. маселелер Б. т-не келтирилип чыгарылат.

БЕССЕЛЬ ФУНКЦИЯСЫ — биринчи түрдөгү *цилиндрдик функция.* Б. ф. тегерек ж-а цилиндрдик симметриясы болгон физ. процесстерди (жылуулук өткөрүүчүлүк, диффузия, термелүү ж. б.) караган учурда пайда болот да, *Бессель теңдемесинин* чыгарылышы болуп саналат.

БЕССЕМЕР ПРОЦЕССИ — эриген чоюнду атмосф. же кычкылтекке байланган жог. басымдагы аба м-н үйлөтүп, составындагы көмүртекти азайтуу м-н болот алуу жолу. Баштанкы материалы — эритилген чоюн; өндүрүлүүчү материалы — болот куймасы; колдонулуучу аппараты — конвертер мени. Эриген чоюнду конвертерге куюп, анан түбүнөн кысылган аба м-н үйлөткөндө, чоюндун кошундулары (кремний, марганец, көмүртек) кычкылданып, бир кыйла жылуулук бөлүнүп чыгат да, калыпка куюла турган болот алынат. Болоттун куймаларын өндүрүүгө арналган бул процести 1856-ж. англ. ойлоп чыгаруучу Генри Бессемер (1813—98) сунуш кылган. Россияда бессемер болоту 1-жолу 1856—57-ж. Уралдагы Кушвинск, Нижнесалдинск, Сысерт, Всеволод-Вильвинск з-ддорунда алынган. Составында кремнийи аз болгон суюк чоюндан болот куймаларын алуунун жолдорун орус металлургдары Д. К. Чернов (Обухов з-ду) ж-а К. П. Поленов Нижнесалдинск з-ду) 1872-ж. сунуш кылып, ал өндүрүштө колдонула баштаган. Б. п-нин нормалдуу өтүшү конвертерге куюлган суюк чоюндун темп-расына, анын составындагы кошундулардын өлчөмүнө жараша болот. Конвертерге куюлган суюк чоюндун темп-расына карата физ. муздак (1250°Сден төмөн), физ. нормалдуу (1250°С—1350°С) ж-а физ. ысык (1350°Сден жогору) чоюн болуп болүнөт. Составындагы кремнийдин өлчөмүнө жараша бессемердик чоюн хим. муздак (1,0% Si га чейин), хим. нормалдуу (1,0%—1,5% Si) ж-а хим. ысык чоюн (1,5% Si дан көп) болуп айырмаланат. Б. п. учурунда кремний кычкылданып (SiO_2), темп-ралык реакцияны ылдамдатуу үчүн кошумча жылуулукту көп бөлүп чыгарат.

БЕСТУЖЕВ УЮ — сүт-эт бөрчү порода. Ал жерг. уйларды Ульянов облдагы Новоспасск р-нундагы Репьёвка с-да шортгорн, голландия, симменталь ж. б. породалардын букалары м-н аргындаштыруудан 19-к-да алынган. Бул порода аны чыгарууга катышкан завод ээси Бестужевдердин ысмы м-н аталып калган. Кунардуулугу б-ча Б. у. эт-сүт ж-а сүт-эт бөрчү деп 2 типке бөлүнөт. Эт-сүт бөрчү уйдун бою кыска, мойну жоон. Сүт-эт бөрчүлөрү субагай, сүттүү. Инек уйдун орт. тирүүлөй салм. 500—650 *кг,* букасыныкы — 850 *кг,* чыгааныныкы — 1200 *кг.* Оңү көбүнчө кызыл кашка, ала бөөрөк. Саан уйлары жылына 3000—3200 *кг* (алдыңкы чарбаларда 5000 *кг*), чыгаандары 10 386 *кг* сүт берет. Сүтүнүн майлуулугу 3,5—5%.

БЕТ—1) негизги геом. түшүнүк. Бул түшүнүккө геометриянын түрдүү бөлүктөрүндө түрдүүчө маани берилет: элементардык геометрияда тегиздик, көп грандык, ийри Б-тер каралат. 2) Кеңири түшүнүк берүү үчүн тегиздиктин болүгүн үзгүлтүксүз деформацияloодон Б. алынат. Чоюу, кысуу ж-а ийүү м-н кайрадан эле жаңы Б. пайда болот. Булар жөнөкөй Б. же эки өлчөмдүү элемент деп аталат. Жөнөкөй Б.— өз ара бир маанилүү үзгүлтүксүз квадраттын образы. Чоң тегерек м-н чектелген шардын Б-нин жарымы да жөнөкөй Б-ке мисал болот. 3) Алгебр. ж-а аналит. геометрияда Б. геом. чекиттердин көптүгү катары эсептелет.

БЕТ КЕП (маска) — көрө көюлган адамдын бет жапкычы. Б. к. чоподон, гипстен, алтындан жасалган. Б. к. ар түрдүү элдерде, ар кайсы убакыттарда пайда болгон. Сов. Союзунда Ольвия м-н Керчте, Енисейде, Кыргызда табылган. Б. з. ч. 1 мицинчи жылдарда Енисейде жашаган элдер өлүктү Б. к. жаап көмүшкөн. Кыргыздын археологдору Чүй өрөөнүнүн Шамшы с-зунун аймагынан (1—5-к-га таандык) жука алтындан жасалып, көзүнө акак чегөрүлгөн Б. к. табышкан.

БЕТ КЕП, к. *Театр бет кеби.*

БЕТА АЖЫРОО, β-ажыроо — ядродон электрондордун же позитрондордун бөлүнүп чыгышы м-н шарттанган атомдук ядронун радиактивдик ажыроосу. Бул процессте ядродогу нуклондордун бири өзүнөн өзү башка түрдөгү нуклонго, б. а. нейтрон — протонго же протон нейтронго айланат. Биринчи учурда ядродон электрон (e^-) бөлүнүп β$^-$ — ажыроо, 2-учурда ядродон позитрон (e^+) бөлүнүп чыгат да, β$^+$-ажыроо болуп отот. Нуклондордун өз ара айланышында дагы бир бөлүкчө: β$^+$-ажыроодо — нейтрино (ν), ал эми β$^-$-ажыроодо антинейтрино ($\tilde{\nu}$) пайда болот. β$^-$-ажыроо учурунда ядродогу протондордун (Z) саны бирге көбөйүп, ал эми нейтрондордун саны бирге азаят. Ядронун массалык саны (*A*) өзгөрбөйт ж-а ядродогу нуклондордун жалпы санына барабар. β$^+$-ажыроодо протондордун саны бирге азайып, нейтрондор бирге көбөйөт. Б. а-нун бул эки процесси мындайча жазылат:

$$^A_Z\text{Я} \rightarrow {}^A_{Z+1}\text{Я} + e^- + \tilde{\nu};$$

$$^A_Z\text{Я} \rightarrow {}^A_{Z-1}\text{Я} + e^+ + \nu;$$

бул Z протондордун ж-а $A - Z$ нейтрондордун турган ядронун символу.

БЕТА БӨЛҮКЧӨЛӨР — β-ажыроо кезинде ядродон бөлүнүп чыккан электрон ж-а позитрондор. Нейтрон $n \rightarrow p + e^-$ схема б-ча протонго айланса, электрон (e^-) бөлүнүп чыгат. Эгер протон $p \rightarrow n + e^+$ схема б-ча нейтронго айланса, анда оң заряддуу позитрон (e^+) бөлүнүп чыгат.

БЕТА ФУНКЦИЯ — $B(a, b) = \int_0^1 x^{a-1}(1-x)^{b-1}dx$ (1) түрүндөгү функция. Мунун оң жагындагы интеграл Эйлердин 1-түрдөгү интегралы деп да аталат. Эйлердин интегралы a, b деген эки өзгөрмөлүү параметрди ичине алган Б. ф-сын туюнтат да $a>0$, $b>0$ учурунда — жыйналуучу; a, b нын бирөө эле $\leqslant 0$ болсо, жыйналбоочу интеграл болот.

БЕТАИНДЕР — аминокислоталарынын азот атому үч алкил тобун кармаган комплекстүү туздары. Б. молекуласы оң заряддуу азот атому ж-а терс заряддуу карбоксил тобун кармагандыктан, эки уюлдуу же биполярдуу ион тибинде болушат:



Суюда — жакшы, эфирде начар эрийт. Б. аминокислоталарга алкилгалогениддерди ж-а алкилсульфаттарды таасир этүүдөн ж-а галоген к-талар м-н триметиламиндердин өз ара аракеттенүүсүнөн алынат. Осүмдүк, жаныбарлардын организминде гликокол бетаин $(CH_3)_3N^+CH_2COO^-$ кеңири таралган. Ал — түссүз кристалл, эрүү t 293°С, кант жасоодогу калдыктардан алынат. Хлордуу бетаин (ацидол) медицинада туа к-тасынын ордуна колдонулат. Респ-када кант з-ддорунун калдыктарынан алынган Б-ден малдын ж-а канаттуулардын продуктуулугун жогорулатуучу дары (препарат) чыгаруу ишке ашырылууда.

БЕТА-НУРЛАНУУНУН ДЕТЕКТОРУ, к. *Ядролук нурлануунун детекторлору.*

БЕТА-СПЕКТРОСКОПИЯ — *ядролук физиканын* бета (β) ажыроо кезинде радиоактивдүү ядролор бөлүп чыгарган β-бөлүкчөлөрдүн энергия б-ча бөлүнүшүн изилдөөчү бөлүгү. β-бөлүкчөнүн энергия чоңдуктары б-ча бөлүнүшү бетаспектр деп аталып, ал спектрометрдин жардамы м-н изилденет. β-спектрди изилдөө радиоактивдүү ядролордун ажыроо схрмасын аныктоого мүмкүндүк берет.

БЕТА-ТЕРАПИЯ — организмдин ткандарынын патологиялык өзгөрүүлөрүн бета нурларынын таасири м-н дарылоо. Б. т. — нур терапиясынын бир методу. Бул максатта түрдүү радиоактивдүү изотоптор пайдаланылат. Кыска мөөнөткө таасир этүүчү алтындын (Au^{198}), фосфордун (P^{32}) радиоактивдүү изотопторун теринин ж-а былжырлуу чел кабыктардын сыртқы бетиндеги рак шишиги өскөн ткандарына күюү м-н дарылоо жакшы натыйжалар берип, барган сайын ийгиликтүү колдонулууда.

БЕТАТРОН — электрондордун циклдик ылдамдаткычы. Өзгөрүлмө магнит талаасынан индукцияланган туюк электр талаасынын жардамы м-н электрондор Б-до ылдамдатылат. Электрондорду 50 *Мэв* ге чейин ылдамдатуучу Б-дор ондуруштө, медицинада, ил. из. иштеринде кеңири колдонулууда, к. *Заряддуу бөлүкчөлөрдүн ылдамдаткычтары.*

БЕТЕГЕ (Festuca sulcata) — дан осүмдүктөр тукумундагы уруу. Жалбыраты кыл сымал ичке, айрым түрлөрүнүн жалбырактары ичин көздөй оролуп турат. Топ гүлү шыпырыгыдай; көп жылдык чөп. Машакча түрүчөлөрү гүл түрүчөлөрүнөн кыска. Жер шарында Б-нин 300гө жакын түрү белгилүү, алар мелүүн ж-а суук алкактарда, айрымдары тропиктик тоолордо өсөт. СССРде 51, анын 12 түрү Кыргызда өсөт. Өрөөндөрдөн тоонун төрлөрүнө чейин Б-нин ар кандай түрлөрүн кездештирүүгө болот. Б.— баалуу тоют, тез алысындайт. Кээ бир түрлөрү атайын эгилип, гектарынан 50 ц ге чейин сапаттуу чөп алынат. Көпчүлүк түрү жайыттардагы *фитоценоздордо* басымдуулук кылат. Б., ыбак ж. б. дүйүм чөптөр аралаш өсүп, осүмдүктөр фитоценозун түзөт. Б. өскөн жерлер жылдын бардык мезгилинде жайыт катары пайдаланылат.

БЕТЕХТИН Анатолий Георгиевич [24. 2(8. 3). 1897, Вологда губ., Стригино с.,—20. 4. 1962, Москва] — сов. геолог, минералог, СССР ИАнын акад. (1953; мүчө-корр. 1946). Ленинград тоо-кен ин-тун бүткөн (1924). Ошол ин-тта доцент (1929), проф. (1937), СССР ИАнын Геол. илим (1937) ж-а Руда кендеринин геология, петрография, минералогия ж-а геохимиясы (1956) ин-ттарында иштеген. Негизги эмгектери кен пайда болуу процесстери м-н минераграфияга (рудаларды микроскоп м-н изилдөө) арналган. Б. рудалардын структурасын ж-а минералдардын парагенезисин изилдөөнү физ.-химия м-н кристаллохимия закондорунун негизинде жүргүзүү багытын өнүктүргөн. Марганец рудаларынын пайда болуу теориясын иштеп чыккан. Гидротермалык эритиндилер, алардын жаралышы ж-а руда пайда кылуу процесстерин кеңири изилдеген. 1928-ж. Кыргыздагы айрым полиметалл кендеринде (Кан, Талды-Булак) изилдөө жүргүзүп, өзүнүн баалуу пикирин айткан. Анын ысымы м-н минералдын (бетехтинит) аты аталган. Б.— СССР Мамл. сыйл. (1947), Ленин дик сыйл. (1958) лауреаты. Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Промышленные марганцевые руды СССР, М.—Л., 1946; Минералогия, М., 1950; Некоторые данные по серебро-свинцовому месторождению Талды-Булак в Семиречье. «Изв. ГГРУ», в. 28, 1931.

Ад.: Шадлун Т. Н., Памяти акад. А. Г. Бетехтина, «Геология рудных месторождений», 1963, № 3; А. Г. Бетехтин, М., 1959 (Материалы к биобиблиографии ученых СССР, в. 14).

БЕТОН (фр. beton — тоо чайры) — суу, цемент, кум ж-а шагыл таш аралашмасынан алынган жасалма таш материал. Б-дун физ.-мех. касиеттери цементтин сапатына, колулуучу заттарга, суу-цемент катышына, даярдоо ыкмасына, уютулушуна ж-а текшилөөгө жараша болот. Пайдаланылган илээшкек материалдын түрүнө карата Б. цемент, силикат, гипс-бетон, асфальт-бетон, пласт-бетон деп ажыратылат. Б-го колулуучу материалдар ири (шагыл таш) ж-а майда (кум) деп айырмаланат (к. *Бетонду тузуучу заттар).* Көлөмдүк салмагы б-ча Б. төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: 1) **өзгөчө оор бетон** — көлөмдүк салм. 2500 *кг/м*^{3} ден ашык, колулуучу зат катарында оор таш, темир ж-а барит пайдаланылат да, атомдук установкаларда нурдан сактоо үчүн колдонулат; 2) **оор бетон** — көлөмдүк салм. 1800—2500 *кг/м*^{3}, темир-бетон ж-а бетон конструкцияларында кеңири колдонулат; 3) **жеңил бетон** — көлөмдүк салм. 500—1800 *кг/м*^{3}, анын түрлөрү: шлак-бетон, бетон, пемза-бетон, термозит-бетон ж-а туф-бетон. Дубал панелдери ж-а блоктор даярдалат; 4) **өзгөчө жеңил бетон** — көлөмдүк салм. 500 *кг/м*^{3}. Буга: газбетон, көбүк-бетон, перлит-бетон ж. б. өтө жеңил бетондор кирет. Бекемдиги б-ча өзгөчө оор Б. 100—300, оор Б. 100—600, жеңил Б. 25—200 ж-а өзгөчө жеңил Б. 5—50 маркада болот. Пайдаланылышына жараша Б. гидротех. жол курулушунда колдонулуучу, отко ж-а кислотага чыдамдуу болуп бөлүнөт.

БЕТОН ЗАВОДУ — бетон аралашмасын даярдоочу ишкана. Б. з-да кум, шагыл таш, суу, цемент ылайыктуу өлчөмдө аралаштырылат. Технол. процесске ылайык Б. з. циклдүү ж-а үзгүлтүксүз аракеттүү болуп айырмаланат. Циклдүү Б. з-да шагыл таш, кум, цемент аралаштырылып, кургак түрдө курулуш аянтына жеткирилет да, ага бетон аралаштыруучу машин-

нада суу кошулуп, бетон даярдалат. Кургак бетон аралашмасы алыска ташууга ыңгайлуу. Үзгүлтүксүз аракеттүү Б. з-да бардык процесстер аткарылып, калыпка куя турган даяр бетон аралашмасы алынат. Иштөө мөөнөтүнө карата Б. з. туруктуу ж-а көчмө болуп бөлүнөт. Көчмө Б. з. курама-ажыратылма конструкциялардан турат.

БЕТОН ИШТЕРИ — туташ бетон же темир-бетон конструкцияларын ж-а цемент-бетон имараттарын тургузуудагы курулуш иштери. Б. и-не бетон аралашмасын даярдоо, аны курулуш аянтына ташып жеткирүү, калыпка куюп тыгыздоо, бетон аралашмасынын туура кургап катышына шарт түзүү ж-а калыпты алып таштоо процесстери кирет. Бетон аралашмасы бетон з-дунда даярдалып, курулуш аянтына жеткирилет, кээде курулуш аянтында даярдалат. Курулуш ишинде бетон аралашмасын калыпка куюу үчүн тасмалуу транспортёр же бетон тарткычтар, аны ныктап тыгыздоодо ар түрдүү вибраторлор *(дирилдеткич)* колдонулат. Күн ысыкта куюлган бетон тез кургап, жарылып кетпесин үчүн анын бетине таарынды, кум себилет же суу чачылат. Кышында куюлган бетон тоңуп кетпесин үчүн электр энергиясы же ысык буу м-н жылытылып, кургатылат.

БЕТОНДУ ТҮЗҮҮЧҮ ЗАТТАР — бетондун негизги бөлүгү болгон табигый ж-а жасалма таш материалдары. Булар майда (кум) ж-а ири (шагыл таш) болуп бөлүнөт да, бетондун көлөмүнүн 85%ин түзөт. Бетон эритмелеринин пайдаланылышына (кыш кынoo, шыбактоо, жасалгалоо) жараша ага кошулуучу кумдун бөлүктөрүнүн өлчөмү да ар түрдүүчө болот. Табигый таш материалдар бетон ж-а темир-бетон конструкцияларын жасоодо, жасалма жеңил материалдар— аглопорит, вермикулит, керамзит, перлит, шлак ж. б-лар ири блокторду ж-а панелдерди даярдоодо колдонулат.

БЕТПАК-ТАЛАА, Түндүк Ач Талаа — Казак ССРиндеги чөл. Чүй д-сы ж-а Сары-Суунун төмөнкү агымдары м-н Балхаш көлүнүн аралыгынан орун алган. Түндүгүнөн Казак Сары-Арка дөңсөөлөрү м-н чектешет. Аянты 75 миң $км^2$ ге жакын. Б-Т. жайык ж-а өңгүл-дөңгүл түздүктөрдөн туруп, түш.-батышына карай жантайыңкы, орт. бийикт. 300—350 *м*, чыгышы бир аз бийигирээк, дөңсөөлүү, капталдары таштуу, шагылдуу. Палеозойдун чөкмө-метаморфизм катмарларынан ж-а граниттен турат. Климаты — кескин континенттик. Жылдык жаан-чачыны 100—150 *мм*. Жайы кургак ж-а ысык, кышы суук, кар аз түшөт. Январдын орт. темп-расы — 12°Сден —14°Сге чейин, июлдуку 24°—26°С. Б-Т-да көп сандаган туздуу майда көлдөр бар. Жер алдындагы суулары мол, кээ бир жерлерде сыртка агып чыгат. Өсүмдүктөрдөн биюргун, кумдуу жерлеринде терскен ж-а алтыгана өсөт. Б-Т. жазгы-күзгү жайыт катары пайдаланылат.

БЕТТЕР ТЕОРИЯСЫ — *дифференциалдык геометриянын* беттердин касиеттерин изилдөөчү бөлүгү. Классикалык Б. т-нын негизги маселелеринин бири болгон беттерди өлчөө геодезияга таандык. Беттерди өлчөөдө алынгаз бардык фактылардын жыйындысы беттин ички геометриясын түзөт да, ага ийри сызыктын узундугу, 2 багыттагы сызыктардын ортосундагы бурч, областтын аянты, геод. сызыктар, сызыктын геод. ийрилиги ж. б. кирет. Беттин ички геом-сы анын 1-негизги квадраттык формасы $ds^2=Edu^2+2Fdudv+Gdv^2$ (1) б-ча аныкталат. Мында $E=\vec{r}_u^{\,2}$, $F=(\vec{r}_u\vec{r}_v)$, $G=\vec{r}_v^{\,2}$; $\vec{r}=\vec{r}(u,v)$ — беттин теңдемеси; u, v — ийри сызыктуу координаталар. Беттин 2-негизги квадраттык формасы $\varphi=Ldu^2+2Mdudv+Ndv^2$ (2), мында $L=(\vec{r}_{uu}n)$, $M=(\vec{r}_{uv}n)$, $N=(\vec{r}_{vv}n)$, $n=[\vec{r}_u,\vec{r}_v]:|[\vec{r}_u,\vec{r}_v]|$. Беттин чекитинин аймагындагы түзүлүшү (1) ж-а (2) квадраттык формалар м-н аныкталат.

Ад.: Рашевский П. К., Курс дифференциальной геометрии, 3 изд., М.—Л., 1950.

БЕТТЕШТИРҮҮ ПРИНЦИБИ — бир эле контурга улам бир электр кыймылдаткыч күчү м-н таасир берип, пайда болгон токторду аныктоо ж-а аларды алгебр. метод м-н кошуп эсептөө жолу. Б. п. бир нече ток булагы бар татаал тизмектердеги токторду аныктоо үчүн колдонууга ылайыктуу. Мындай тизмектерди талдаганда, бир гана ток булагы калтырылып, калган булактардын электр кыймылдаткыч күчү нөлгө барабарлап алынат. Бул учурда контурлардын каршылыктары турактуу бойдон калсын үчүн ток бульктарынын ички каршылыктары да эсепке алынат.

БЕТТИК АКТИВДҮҮ ЗАТТАР — суюктуктардын бетине ж-а бууга адсорбциялануунун натыйжасында беттик тартылуу күчтү төмөндөтүүчү заттар. Алар негизинен үч түргө бөлүнөт: 1) иондорго бөлүнбөй туруп беттик энергияны төмөндөтүүчү молекулалык Б. а. з. (спирттер, начар диссоциялануучу карбон к-талар, аминдер, желатина ж. б.); 2) беттик энергияны аниондору гана төмөндөтүүчү анионактивдүү заттар (самын, сульфокислоталар, күкүрт к-тасынын эфири ж. б.); 3) беттик энергияны катиондору төмөндөтүп, аниондору активсиз болгон катион активдүү заттар (азоту бар орг. негиздер, алардын туздары, алкил ж-а ариламиндер ж. б.). Б. а. з., айрыкча техникада, эл чарбасында кенен колдонулат.

БЕТТИК БАСЫМ — суюктуктун (суунун) бетин, эрибеген беттик активдүү заттардын адсорбациялык катмары түзүлгөн участогунан бөлүп туруучу чегинин (жылуучу барьердин) бирдик узундугуна аракет этүүчү күчү. Б. б. барьердин узундугуна перпендикулярдуу болот ж-а суюктуктун бетин көздөй багытталат. Б. б. суюктук м-н бети адсорбциялык катмар каптаган суюктуктун *беттик тартылыштарынын* айырмасына барабар.

БЕТТИК ИНТЕГРАЛ — кандайдыр бир S бетинде аныкталган функциянын интегралы. S бетинде аныкталган $f(x, y, z)$ функциясынын биринчи түрдөгү интегралы

$$\iint_{(s)} f(M)ds=\lim_{n\to\infty}\sum_{i=1}^{n} f(M_i)dS_i$$

аркылуу аныкталат, мында S_i болсо, S бетинин диаметри чексиз кичине бөлүгү, dS_i — S_i нин аянты, M_i — S_i нин ичинен алынган чекит. Эгерде бет $x=x(u,v)$, $y=y(u,v)$, $z=z(u,v)$ параметрдик теңдеме аркылуу берилсе, анда

$$\iint f(M)ds=\iint f(M)\sqrt{EG-F^2}\,dudv$$

болот, мында EG,F — беттин биринчи квадраттык формасынын коэффициенттери. Айрым учурда бет $z=f(x,y)$ теңдемеси аркылуу берилсе,

$$ds=\sqrt{1+(z_x')^2+(z_y')^2}\,dxdy$$

болот.

Ад.: Фихтенгольц Г. М., Курс дифференциального и интегрального исчисления, т. 3, М.—Л., 1949.

БЕТТИК ИОНДОШУУ — ысытканда катуу нерселердин бетинен атомдордун же молекулалардын ион түрүндө бөлүнүп чыгышы, к. *Иондук эмиссия.*

БЕТТИК КАТМАР — беттештирилген эки нерсени бөлүп турган бетти түзүүчү катмар. Б. к. көп учурларда берилген заттын көлөмүндөгү фазасынын касиетинен кескин түрдө айырмаланган өзгөчө касиеттерге (беттик энергия) ээ. Б. к-дын өзгөчө касиети мономолекулалык катмарда ачык көрүнүп турат, к. *Беттик кубулуштар.*

БЕТТИК КУБУЛУШТАР — беттештирилген эки нерсенин чегиндеги беттик катмарлардын өзгөчө касиетте болушунан пайда болгон кубулуштар. Беттик катмарлардагы молекулалардын активдүүлүгү, багытталышы, анын составы ж-а структурасынын өзгөчө абалда болушу нерсенин бетинде кошумча эркин энергиянын болушун шарттайт. Көлөмүнүн ичиндеги катмарларга караганда анын бетиндеги эркин энергиянын көп болушу нерседе Б. к-ды пайда кылат. Нерселердин физ. ж-а хим. өз ара аракеттенишин баарыдан мурда беттик катмарларда болуп өтөт. Негизги Б. к. беттин чоңдугуна пропорциялаш болгон беттик энергиянын азайышына байланыштуу. Суюк тамчылардын же газ көбүкчөлөрүнүн шар формада болушу ж-а өсүү кезинде кристаллдын түзүлүшү алардын турактуу көлөмдөгү эң аз эркин энергиясы м-н аныкталат. Катуу нерселердеги Б. к-га илинишүү (когезия), жабышуу (адгезия), нымдоо, сүрүлүү ж. б. кирет. Катуу нерселердин бузулуу ж-а деформациялануу процесстеринде кристаллдык торчонун бузулушунан нерсенин ички беттеринде да Б. к. байкалат.

Ад.: Адам Н. К., Физика и химия поверхностей, пер. с англ., М.—Л., 1947; Кузнецов В. Д., Кристаллы и кристаллизация, М., 1954.

БЕТТИК ТАРТЫЛЫШ (суюктуктарда) — суюктуктун башка фаза м-н чектешкен жеринде 1 $см^2$ изотермалык бетти түзүүгө сарп кылынган жумуш. Б. т. сан жагынан суюктуктун бетине жүргүзүлгөн жаныма тегиздиктеги чектелген контурдун бирдик узундугуна аракет кылуучу күчкө барабар. Бул күчтүн пайда болуу шарты төмөнкүчө: тийишип турган 2 фазанын молекулалар ортосундагы өз ара тартылуу күчтөрү түрдүү чоңдукта болгондуктан, алардын чегиндеги беттик катмардын бирдик аянтына аракет эткен тең аракеттенүүчү күчү ал фазалардын биреөнүн ичине карай багытталат. Мис., суюктук м-н буунун чектешкен беттеги күчү суюктуктун ичин көздөй багытталат.

БЕТТИК ЭНЕРГИЯ — молекулалар ортосундагы өз ара тартылуу күчтөрү түрдүүчө чоңдукта болгон эки фазанын тийишүү чегиндеги беттик катмардын кошумча энергиясы. Салыштырма Б. э. беттик катмардын бирдик аянтына эсептелет да, $эрг/см^2$ м-н туюнтулат. Бир компоненттик системадагы салыштырма эркин Б. э. эки фазаны бөлүп турган чек арадагы беттик тартылуунун (σ) маанисине дал келет. Гиббс-Гельмгольцтун термодинамикалык теңдемесине ылайык салыштырма толук Б. э. төмөнкүгө барабар: $u=\sigma-T\frac{d\sigma}{dT}$; T — абс. темп-ра, $\frac{d\sigma}{dT}$ — беттик тартылуунун темп-ралык коэффициенти.

БЕТХОВЕН Людвиг ван (17. 12. 1770, Бонн 26. 3. 1827, Вена) — атактуу немец композитору. Ата теги фламандык. Чоң атасы Бонндогу ак сарай капелласынын жетекчиси, атасы сарай ырчысы болгон. Б. 1782-жылдан музыка жаза баштайт. Венага келген соң (1792) тез эле пианист-импровизатор катары даңкы чыгат. Венадагы алгачкы он жылдын ичинде Биринчи ж-а Экинчи симфонияны, 6 квартет, фортепьяно үчүн соната ж. б. чыгармаларды жаратат. 1804-ж. Үчүнчү («Баатырдык») симфониясын жазат. Ошол жылдан чыг-лыгынын 2-доору башталып, ал Төртүнчү (1806), дүйнөгө атагы кеткен Бешинчи ж-а Алтынчы симфонияларды (1808), фортепьяно үчүн айтылуу № 21 («Аврора») ж-а № 23 («Аппассионата») сонаталарды, «Фиделио» операсын, Гётенин «Эгмонт» трагедиясына музыка (1810), Жетинчи ж-а Сегизинчи симфонияны жазат. 1813—17-ж. кулагы такыр укпай калып, чыг-лыгы бир аз басаңдайт. 1818-жылдан Б-дин чыг-лыгында кайрадан өйдөлөө башталат. Акыркы (Бешинчи) фортепьяно үчүн сонатасын (1816—22), Бешинчи струналык квартетин жаратат. Кийинки мезгилде жазган чыг-ларынын шедеври — Тогузунчу симфониясы 1824-ж. 7-майда 1-жолу аткарылат. Б. дүйн. музыканын тарыхында өзүнчө бир жаңы доор ачкан. Анын чыг-ларына филос. тереңдик, чегине жеткен драматизм, зор масштабдуулук, чыныгы демократизм, рев-ялык героика мүнөздүү. Б-дин заманынын көркөм аң-сезиминен озуп кеткен нукура жаңычыл чыг-лары мурдагы муз. формалардын жаңыланышын шарттады. Б-дин чыг-лары ушул кезге чейин дүйн. музыканын өсүшүнө зор таасир тийгизип келе жатат.

Ад.: Альшванг А., Бетховен. Очерк жизни и творчества, 3 изд., М., 1966.



Л. Бетховен.



И. Р. Бехер.

БЕХАР Мохаммед Таги малек ош-шоара (10. 12. 1886—21. 4. 1951) — иран акыны, илимпоз-филолог, коомдук ишмер. Конституциялык кыймылдын мезгилиндеги (1905—11) феодализмге ж-а империализмге каршы күрөшкө активдүү катышкан. «Ирандын ишин кудай колдогон» (1909), «Сэр Эдуард Грейге кайрылуу» деген ырлары м-н коомчулукка белгилүү болгон. «Ноубахар» («Жаз») газетасын (1910), «Дакеш кеде» («Билимдин кенчи») журналын (1918) чыгарган. Монархияга каршы ырлары үчүн ал Исфаханга сүргүнгө айдалган (1932). Бул жерде социалдык теманы козгогон («Түрмөдөгү чыгармалар», «Түнкү булбул») белгилүү ырларын жараткан. Фарс тили ж-а ад-ты б-ча 3 томдон турган ил. эмгегин берген. 1941—51-ж. рев-чыл ж-а демократчыл багыттагы ырларын, макалаларын жазган. 1943-жылдан Иран-Совет маданий байланыш коомунун мүчөсү. 1950-ж. Ирандагы тынчтыкты жактоочулардын коомуна жетекчи болгон.

БЕХЕР Иоганнес Роберт (22. 5. 1891—11. 10. 1958) — немец акыны, коомдук ишмер. Германия компартиясынын мүчөсү (1918). Көркөм академиянын президенти (1953—56) болуп иштеген. 1935—45-ж. СССРде жашаган. Ырлары 1911-жылдан жарыялана баштайт. Б-дин алгачкы чыг-лары *экспрессионизм* м-н байланыштуу болгон. 20-жылдары реализм жолуна түшөт. Муну «Банкир согуш талаасын четтеп өттү» (1925) повести, «Люизит же Бирден бир адилет согуш» (1926) романы, «Лениндин табытынын жанында» (1924) поэмасы жакшы далилдейт. Б-дин чыг-лыгы 2-дүйн. согуштун мезгилинде өөрчүйт. «Германия чакырат» (1942) ж-а «Сталинградга алкыш» (1943) деген жыйнактарында Сов. Армияны, совет элин даңазалаган. Б. эки жолу (1949, 1950) чыг-лары үчүн ж-а ГДРдин гимнин жазгандыгы үчүн Улуттук сыйлыкка ээ болгон. Ага «Элдердин ортосунда тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн» эл аралык Лениндик сыйлык ыйгарылган (1952).

БЕХЗАД Кемаледдин (1455—1535/36) — миниатюрачы, Герат миниатюра мектебинин ири өкүлү. Бул мектеп Иран, Индия ж-а О. Азияда миниатюранын өсүшүнө зор таасир тийгизген. Саадинин «Бустанына»



Бехзад. Султан Хусейндин портрети. 15-к. Швеция. Жеке менчик көргөзмө.

(1488, Египеттеги улуттук китепкана, Каир), Низаминин «Хамсесине» (1490-жылдар, Лондон, Британ музейи) ж. б. чыг-ларга карата тарткан Б-дын сүрөттөрү Чыгыш миниатюрасынын шедеврлери болуп саналат.

БЕХИСТУН ЖАЗМАСЫ — Байыркы Иран падышасы Дарий Iнин (522—486-ж. бийлеген) аскага чегип жаздырган эстелиги. Ирандын азыркы терр-ясындагы Хамадан ш-нан 100 *км* аралыкта Бехистун воосунда; бир чоң ж-а майда жазмалардан турат. Чоңу мазмуну бирдей 3 тилде: байыркы фарс, элам, вавилон тилдеринде шынаа жазуунун тиешелүү түрлөрү м-н жазылган. 1835—47-ж. англ. офицер Г. Роулинсон көчүрүп алып, негизинен окуп чыккан соң илимге белгилүү болгон. Мазмуну жагынан Б. ж. ахеменилер мамлекетинде Кир II өлгөндөн кийинки окуялардын официалдуу түрдө жарыяланган нускасына туура келет. Дарий Iнин тактыга отурушунун ж-а О. Азияга жортуулунун тарыхын баяндайт.

Ад.: Абаев В. И., Перевод персидского текста Большой, или Бехистунской надписи, в кн.. Хрестоматия по истории Древнего мира, 2 изд., т. 1, М., 1950.

БЕХТЕРЕВ Владимир Михайлович [20. 1 (1. 2). 1857—24. 12. 1927] — сов. невропатолог, психиатр ж-а физиолог. 1878-ж. Петербургдагы Мед.-



В. М. Бехтерев.



Т. Бечелова.

хирургиялык академияны бүтүрүп, 1885-ж. Казань ун-тинин психиатрия кафедрасын башкарып, 1-жолу псих.-физиол. лаборатория түзгөн. 1893-ж. «Неврологический вестник» журналын ж-а Казандагы психиатрлар м-н невропатологдор коомун уюштурган. Б. Петербургдагы Аскер-мед. академиясынын проф. (1893). Аялдар мед. ин-тунун (1897) директору. 1918-ж. өзү уюштурган Мээ ж-а анын психикалык кызматын үйрөнүү ин-тун башкарган (кийин Мээ иштерин үйрөнүү б-ча В. М. Бехтерев атн. мамл. рефлексологиялык ин-т деп аталган). Б-дин мээнин морфологиясы (1890) ж-догу эмгеги илимге зор салым кошту. Б-дин балдардын жүрүш-турушу, аларды жыныстык жактан тарбиялоо ж-дө 20дан ашуун эмгеги бар.

БЕЧЕЛОВА Турсун (1898-ж. т., Жети-Суу обл., Пишпек уезди, Кызыл-Суу кыш.) — Кырг-нда Совет бийлиги орнотулгандан кийин кыргыз аялдарынын арасында парт., маданий иш жүргүзүүнү уюштурган алгачкы кыргыз аялдарынын бири. Дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1926-жылдан КПССтин мүчөсү. Жаш кезинен жетим калып, тууганынын колунда чоңойгон. 1916-жылдан Пишпектеги ж-а Сокулуктагы соодагерлерге жалданып иштеген. 1918-ж. Пишпектеги «Эмгекчи аялдар» союзуна кирип, ал жерден 1919-ж. Ташкендеги крайлык парт.-сов. мектепке окууга жиберилген. Аны бүткөндөн кийин (1920) Пишпекте ж-а Токмокто аялдар ишин уюштурууга катышкан (1924); Нарында, Пишпекте аялдар арасында иштөө б-ча инструктор болгон, кийин Оштогу, Фрунзедеги ө. ж. ишканаларында иштеген. 1945-жылдан респ-калык маанидеги персоналдуу пенсияда.

БЕШ КҮНДҮК ИШ ЖУМАСЫ — беш иш ж-а эки дем алыш күнү бар апта. Эмгек законуна ылайык бир аптада жумушчулар м-н кызматчылардын эмгек убактысы 41 с болууга тийиш. Мында жумуштун узактыгы өндүрүш процессине жараша болот да, ички тартип эрежесине ылайыкталат. Эрежени профсоюз уюму м-н макулдашып администрация бекитет, анда жумадагы иш убагынын нормасы сакталат. Дем алыш ишемби ж-а жекшемби күндөргө туура келет.

БЕШ ТАШ — көбүнчө кыз-келин экиден же өнөктөшүп ойноочу чакмак оюн. Беш даана таш м-н ойнолот. Ал эки колдон ойнолчу татаал он бөлөк ыкмадан турат. Оюндун эрежеси б-ча бир ташты алаарда, башкасына кол тийгизүүгө болбойт, оң колго жыйналып жаткан таштар да бир бирине тийишип кетпеш керек. Оюндун бир жеринде жыдып калса, оюн кезеги башкага берилет.

БЕШБАРМАК — кыргыздын эт м-н камырдан жасалган улуттук тамагы. Ал казак, мурдагы көчмөн өзбекте да болгон. Бышкан эт тууралып, ага ошол эттин сорпосуна бышырылган *кесме* кошулуп, үстүнө коруштуу ысык *чык* куюлуп жасалат. Б.— мурда кыргыз-казакта *нарын* деп аталган тамактын жаңыча түрү. Бул тамак көбүнчө кашыксыз (кол м-н) желгени үчүн «бешбармак» аталган. Ал ат болжол м-н 1920-жылдары эл ичинде адегенде тамаша иретинде жаралып, кийин кадыресе олуттуу сөзгө айланып кеткен. Б-тын «алашак Б.», «ак дөбө Б.», «селделүү Б.», «сүрөөн Б.» дегендей түрлөрү бар. Б. азыркы технологияга ыңгайлаштырып коомдук ашкана тармактарында жасалууда.

БЕШ-БАДАМ — Ош обл-нын Ленин р-нундагы Базар-Коргон сельсоветине караштуу кыштак. Дзержинский атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 31 *км* чыг. тарапта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 35 *км*. Калкы 805 (1973). Сегиз жылдык мектеп, медпункт, клуб бар.

БЕШ-БАЛА — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Октябрь сельсоветине караштуу кыштак. «Дружба» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Сузактан 35 *км* түн. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 16 *км*. Калкы 796 (1973).

БЕШ-БЕЛЧИР-АРАШАН МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — дарыланууга жарамдуу жылуу булак. Нарын обл-дагы Ат-Башы суусунан 40 *км* түш.-чыгышта, Ат-Башы кырка тоосунун түш.-чыг. капталындагы Арашан өзөнүнүн боюнда, деңиз деңг. 3000 *м* бийиктикте. Жерг. элге илгертен белгилүү болсо да, булак ж-дө 1-жолу 1920-ж. К. И. Аргентов маалымат берген. Кийин А. П. Ромах (1954), Н. И. Катаева (1963, 1966) ж. б. изилдеген. Суу девон мезгилинде пайда болгон аки таш тоо тек катмарларынан чыгып, бири биринен 30 *м* аралыкта жайгашкан эки кайнар булактан турат. Булактардын бирөөнүн дебити 1,23 *л/сек*, темп-расы 19°С, экинчисиники — 1,2 *л/сек*, 19,5°С. Суу аз минералдашкан (2,2—3,4 *г/л*) сууларга кирет. Сибирдеги Дарасун минералдуу суулары сыяктуу көмүр кычкыл газдуу (CO_2=0,44—1,3 *г/л*), гидрокарбонат - кальций - натрийлүү. Составында бир аз йод бар. Бул сууну ичүүгө ж-а ичеги-карын ооруларын дарылоого колдонсо болот.

Ад.: Катаева Н. И. и др., Подземные минеральные воды Киргизской ССР, Фр., 1969.

БЕШ-БУЛАК — Талас р-нундагы Орловка сельсоветине караштуу кыштак. «Красная Заря» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Таластан 17 *км* түн.-бат. тарапта, Жамбыл т. ж. станциясынан 103 *км*. Калкы 1407 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БЕШ-БУРКАН — Ош обл-нын Ноокат р-нундагы Ак-Булак сельсоветине караштуу кыштак. Кичи Алай тоолорунун этегинен орун алган. «Кызыл-Кыя» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 65 *км* бат. тарапта, Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 17 *км*. Калкы 866 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

БЕШИК — бала басып кеткиче бөлөнө турган терметме жыгач керебете. Ал О. Азия, Каз-н, Кавказ, Иран, Афг-н, Индия калктарында илгертен бар. Көпчүлүк түрк тилдеринде «бешик» сөзүнүн болушу да Б-тин байыркылыгын кыйыр далилдейт.

Кыргызда илгери Б. көчмөн турмушка ыңгайланып, жөнөкөй жасалган: билектей жоон бир кулач кайыңдан же талдан эки алкак ийилип, кургаганда алардын «буттарына» казонок оюлган ж-а көзөнөктөргө жарыш чабактар (таякчалар) бекитилген. Жарыш чабактарга узун-туурасынан аркы-терки сызма тартылып, ага оюгу бар олпок (кичинекей мамык матрац), жалаяк төшөлгөн. Бөбөк булганбас үчүн олпоктун оюгуна шимек (койдун жото жилигинен же жыгачтан) коюлуп, алдына күлтүк кыстарылган. Бала Б-ке кыпчыктардын (жаздыкчалар же бүктөлгөн чүпүрөктөр), боортколордун (жазы сызмалар), чарчы ороолордун жардамы м-н бөлөнүп, Б. жабуу (төшөк) м-н жабылган. Мындай Б-ти кыргыздар көчмөн жүргөн чакта урунуп келген. Ал



1 — бешик; *2* — боортко; *3* — күлтүк; *4* — шимек.

терметүүгө ыңгайсызыраак болгон. Кийинчерээк кыргыз арасына атайын усталар тарабынан жасалган жорго Б. тарай баштаган. Жорго Б. тал же тыт жыгачынан жасалат. Уз. 1—1,1 *м*, эни м-н бийиги 0,5 *м* келет. Мындай Б-тин астына сызмалардын ордуна туташ жука тактайчалар кагылып, күлтүк (тунуке, чопо, айнек идиш) үчүн гана тешик калтырылат; эки алкагы дого сымал ийилген жазы жыгач болот; бешиктин сабы же аркалыгы (үстүнкү терметкич жыгачы) жумуру жоон бутактан жасалат. Б-тин эки таманына жыгач карскан (жаа сымал жыгач) ашталып, алар Б-тин термелишин жеңилдетет. Жорго Б. жыгачтары сырдалып, оймо-чиймө түшүрүлүп, кооздолот. Баланын бөлөнүшү эки Б-те тең бирдей.

Б. бөбөктү бакканга, таза кармаганга, тез уктатканга бир кыйла ыңгайлуу. Бирок ал баланын эркин жайкын жатышына, беймарал укташына, дем алышына, жарыктын түшүүсүнө жакшы мүмкүнчүлүк бербейт. Колу-буту бекем таңылган бойдон кыймылдабай жатышы баланын сөөктөрү м-н мүчөлөрүнүн эркин өсүшүнө тоскоол кылат. Ошол себептен азыр кыргыз үй-бүлөлөрү Б-тин ордуна балдар керебетин көбүрөөк пайдалана баштады.

БЕШИК ТОЙ—бала төрөлгөнгө байланыштуу берилүүчү той. Илгери бала төрөлгөн соң жети күндөн ашырбай, аны бешикке салышкан. Бул күнү нан бышырылып, сары май салынып, мал союлуп, айыл-апага тамак берилген. Келгендер белек-бечкесин ала келишип, баланы алкашып, анын бешигине боорсок, таттуу, мөмө-чөмө чачышкан. Баланы бешикке салаарда, анда жин-илдеттер жашынып калбасын дешип, арча м-н бешиктин ичи-сыртын аласташкан. Бул салт сов. доордо өзгөрүп, жаңы мазмун алды.

БЕШИК ЫРЛАРЫ — кыргыз оозеки поэзиясындагы лирикалык жанр. Б. ы. бала сооротуу, уктатуу максатында ырдалып, эненин балага болгон мээримин, жакшы тилектерин туюнтат. Бешик ырларында айрым социалдык мотивдер да айтылат. Мис., «Алдей-алдей, кулунум, капсалаңда туулдуң, Бай-манапка кор болду, сенин тууган-уругуң». Мында баланын ата-энесинин оор турмушу, эзүүдөн көргөн запкысы, мүңкүрөткөн жокчулук сүрөттөлөт. Коомдук-социалдык өзгөрүүлөр м-н Б. ы-нын мазмуну да өзгөрүп отурат. Мис., Окт. рев-ясынан кийин пайда болгон Б. ы-нын мурдагы Б. ы-нан мазмун ж-а идея б-ча айырмачылыгы бар. Б. ы. профессионал поэзияда өнүгүп келе жатат. Бул ырда чоңдордун да ар кандай көз караштары, ой-санаалары камтылат. Анда туруктуу ыр түрмөктөрү же ыр саптары м-н бирге, импровизацияга да кеңири жол берилет. 6—7 муундан турган ыр саптары терметилген бешиктин ритмикасына же эненин бир калыптагы кыймылына, таптоого шайкеш келген басыңкы, созулуп чыккан обон м-н аткарылат.

Ад.: Закиров С., Токомбаева А., Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү, Фр., 1964.

БЕШИЛИК — беш ачалуу айры, к. *Айры*.

«БЕШИНЧИ КОЛОННА» — Улуттук рев-ячыл согуш убагында (1936—39) Испания Респ-касында аракеттенген Франко агенттеринин уюмунун аты. «Б. к.» баш аламандыкты пайда кылып, саботаж, шпионаж, диверсия жасашкан. «Б. к-нын» ыяндуу иштери Испания Респ-касынын жеңилишине көмөкчү болгон. 2-дүйн. согуш мезгилинде ар түрдүү өлкөлөрдөгү нацисттик агентураны да «Б. к.» деп аташкан.

БЕШКЕНТ КЕНИ — Ош обл-ндагы бентониттик чопо чыгуучу жер. Лейлек р-нундагы Маргун кыш-нан 8 *км* түн. тарапта, Бели-Сынык тоосунун түш. этегинде. Кенди 1956-ж. Капимансур геол. экспедициясы (Тажик ССРи) ачкан ж-а геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон тоо тектер түзүп, көпчүлүк жерде аларды антропоген чөкмөлөрү жаап калган. Кен палеоген тоо тектеринин арасындагы ачык жашыл түстөгү бентониттик чопо катмарларынан турат. Алардын калыңд. 5—20 *м* ге жетип, 820 *м* ге чейин созулуп жатат. Чопого жог. даражадагы (33—35) ийилчээктик мүнөздүү. Кендеги чопонун гранулометрдик составы ж-а аларда кумдун болушу б-ча кен Чыг. ж-а Бат. деген эки участокко бөлүнөт. Бат. участогундагы чопо сапаты б-ча бургулоодо колдонулуучу чополуу эриндилердин бардык тех. шарттарын канааттандырат. Запасы 618 433 *т*. Чыг. участогундагы чопонун составында кум болгондуктан, сапаты бир аз начар. Запасы 809 591 *т*. Кен 1957-жылдан карьер түрүндө казылып, Түн. Таж-ндагы бургулоо кемелерин чопо м-н камсыз кылууга жумшалат.

БЕШ-КОРГОН — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нундагы Караван сельсоветине караштуу кыштак. Фрунзе атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Караван кыш-на (бат.) туташ жатат. Наманган т. ж. станциясынан 65 *км*. Калкы 714 (1974). Клуб, китепкана бар.

БЕШ-КӨРҮК — Москва р-нундагы Александровка сельсоветине караштуу кыштак. «Дружба» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Беловодскийден 16 *км* чыг. тарапта. Калкы 787 (1970). Сегиз жылдык мектеп, клуб, 2 китепкана бар.

БЕШ-КҮНГӨЙ—Аламүдүн р-нундагы кыштак. Таш-Мойнок с-зунун борбору. Р-нду борбору Аламүдүндөн 20 *км* түш. тарапта, Фрунзе ш-нан 20 *км*. Аламүдүн суусунун оң жээгинде. Калкы 1833 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт, элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинаттын бөлүмдөрү бар.

БЕШМАНТ — тизеге чейин жеткен, ичине пахта же жүн салынбай ичтелген жеңил тыш кийим. Топчуланма (аял сол, эркек оң жагынан). Бели кынча, этеги кең, жакасы тик. Б. кыргыздардан башка түрк, казак ж-а кавказ элдеринде да бар. Кырг-ндын айрым райондорунда кыска жеңдүү Б. да кийишет.

БЕШ-ТАШ — Талас суусунун сол куймасы. Талас Ала-Тоосунун борб. бөлүгүндөгү Беш-Таш ашуусунан башталып, кар, мөңгү сууларынан ж-а булактардан куралат. Уз. 54 *км*, алабынын аянты 314 $км^2$. Жог. бөлүгүндө түн.-батышты карай кууш Беш-Таш капчыгайы аркылуу агып, Талас өрөөнүнө чыкканда, түндүккө бурулат. Суунун жылдык орт. чыгымы 3,55 $м^3/сек$, эң көбү 55,4 $м^3/сек$, эң азы 0,37 $м^3/сек$. Июнь айында ташкындап, августта тартылат. Жалпы уз. 192 *км* ге жеткен 88 куймасы бар. Эң ирилери: Кайыңды, Өмүр, Карагайлы, Терек, Туюк-Төр, Кошой-Төр, Коргон-Шаник (сол), Корумду, Кыр-Колот, Төбөй, Ат-Чыкпас (оң). Б-тын алабында аянты 0,79 $км^2$ болгон 7 көл бар. Талас р-нунун «Жерге-Тал», Октябрдын 40 жылдыгы атн. с-здорунун ж-а Калинин атн. к-здун айдоо аянттары сугарылат. Б.-Т. Козучак, Балбал, Хивинка кыштарынын жанынан агып өтөт.

БЕШ-ТАШ — Талас ж-а Токтогул р-ндорун байланыштыруучу ашуу. Талас Ала-Тоосунун түш.-чыгышындагы Беш-Таш капчыгайынын төрүндө. Бийикт. 3578 *м*. Токтогул өрөөнүндөгү жайлоого мал ашырылат. Ашууга 1948—50-ж. автомоб. жолу салынган. Ашуунун түн. бети түштүгүнө караганда жантайыңкы. Б.-Т-тын белинен палеозойдун интрузивдик ж-а аки таш тоо тектери чыгып жатат. Ашуудан *Беш-Таш* суусу башталат.

БЕШ-ТАШ КЕНИ — Талас р-нундагы кум-шагыл чыгуучу жер. Талас ш-нан 4—5 *км* түш.-чыг. тарапта, Беш-Таш суусунун чатында. Кен 1956-жылдан белгилүү, 1965—66-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы геол. изилдөө ж-а чалгындоо жумуштарын жүргүзүп, запасы эсептелген. Кен аймагы антропоген мезгилинин алк чениинде пайда болгон аллювий-пролювий чөкмөлөрүнөн турат. Кендеги чалгынданган кум-шагыл катмары негизинен 25,8—53,9% шагылдан (гравий, галька), 30,1—61,4% кой таштардан ж-а 9,6—25,3% кум-чополуу материалдан турат. Уз. 3,3 *км*, туурасы 500—600 *м* келген аянттагы кум-шагылдын жалпы запасы 12803 миң $м^3$. Кендеги кум-шагыл «300» маркасындагы бетон жасоого жарамдуу. Кендин Таластагы темир-бетон буюмдарын даярдоо з-ду карьер түрүндө казып алат.

БЕШ-ТАШ КӨЛҮ—Талас Ала-Тоосунун түн. капталындагы Беш-Таш капчыгайында деңиз деңг. 3008 *м* бийиктикте жайгашкан көл. Аянты 0,54 $км^2$, орт. тереңд. 13 *м*, эң терең жери 28 *м*, уз. 1300 *м*, туурасы 600—700 *м*. Суунун жалпы көлөмү 6,6 млн. $м^3$. Тоо капталдарынан таштар көчүп, өрөөндү бөгөп калгандан пай-

да болгон. Суусу тунук, мөңгү ж-а булактардан толукталат. Июнь—июлда кар, мөңгүлөр эрип, суунун деңгээли 1—2 *м* ге чейин көтөрүлүп, сент.—май айында кайра төмөндөйт. Октябрда тоңуп, апрелде ачылат. Тегереги саздак. Балык (жилингир, алабуга, севан жилингири) көп. Канаттуулардан аңыр, чулдук бар. Көлгө майда суулар куюп, андан *Беш-Таш* суусу агып чыгат. Көл—кооз, туристтик жай.

БЕШУЛЯ Спиридон Ерофеевич [12 (25). 12. 1907-ж. т.]—Донецк обл-нын Марьинский р-нундагы «Октябрь» к-зунун пред-ли. Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1950, 1958). 1931-жылдан КПССтин мүчөсү. Ал башкарган колхоз 1949-ж. 150 *га* буудайдын ар гектарынан 30,5 *ц* деп, 1967-ж. дан эгиндеринен 26 *ц*, күнкарамадан 25,8 *ц* түшүм алып, Ленин ордени м-н сыйланган. Б.—КПССтин 22—23-съезддеринин ж-а Украина КПнын 20-съездинин делегаты. Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕЛЛЬ Генрих (21. 12. 1917-ж. т.) — немец жазуучусу (ГФР). Чыг-лары 1947-жылдан жарыялана баштаган. Алгачкы маанилүү чыг-лары: «Адам, сен кайда болдуң?» (1951, орусчасы 1962), «Бир да сөз айткан жок» (1953, орусчасы 1958), «Ээси жок үй» (1954, орусчасы 1959), «Клоундун көзү менен» (1963, орусчасы 1964) романдары, «Поезд өз убагында келет», «Жаш чактагы нан» (1955), «Бир командировканын акыры» (1966) повесттери. Ушул ж. б. чыг-ларында фашизмдин кайра калыбына келишинен сак болууга чакырат, гуманисттик идеяларды козгойт. Б-дун чыг-ларына адамдын ич дүйнөсүн, психологиясын терең ачуу мүнөздүү. Анын чыг-лары СССР элдеринин тилдерине которулган. Нобель сыйл. лауреаты (1972).

БЕРБАНК Лютер (7. 3. 1849—11. 4. 1926)—амер. селекционер-дарвинист. Б. тикенсиз кактустун, кабыгы жука жаңгактын, бийи алманын, бүлдүркөндүн, ар түбү бир *кг* дан ашкан таттуу пияздын, жыпар жыттуу георгин гүлүнүн, көгүлтүр апийимдин, кара өрүктүн ж. б. өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун чыгарган. Кара өрүктүн эле Санта-Роза, Уиксон, Бёрбанк, Америка, Бьюти, канттуу кара өрүк, Клаймакс, Дюарт, Широ сыяктуу 113 сорту бар. Мыкты сорттору Аргентина, Африка, Австралия ж-а Жаңы Зеландияда өстүрүлөт. Алдыңкы илимпоздор Б-ты дарвинизмдин мыкты өкүлү катары жогору баалаган. Америкада анын эмгегине көңүл бурулбагандыктан, көп сорту жоголуп же унутулуп калды.

БИ... (лат. bis — эки ирет) — заттын эки бөлүктөн тургандыгын же анда эки белги бар экендигин билдирүүчү татаал сөздүн бөлүгү (мис., *бином, биметализм*).

БИАКС (*би...* ж-а лат. axis — ок) — тармактанган магнит өткөргүчү ж-а октору перпендикулярдуу болуп, бири бири м-н кесилишпеген 2 көзөнөгү бар феррит өзөкчө. Көзөнөктүн бири информацияны эске тутуп, анда жазып калтыруучу ж-а окуп алуучу өткөргүчтөр, экинчи тешиги аркылуу информацияны окуп алуу үчүн жибериле турган импульстуу ток өтүүчү өткөргүч жайлаштырылат. Б-тын конструкциясынын (симметриялуу ж-а симметриялуу эмес) магнит өткөрүүчү материалдардын касиеттери ж. б. б-ча айырмаланган бир нече түрү бар. Автоматиканын тех. каражаттарында ж-а эсептөө техникасында эске тутуучу же логикалык элемент катарында колдонулат.

БИАТЛОН (*би...* ж-а гр. áthlon—жарыш, күрөш) — азыркы кездеги кышкы спорттун эки түрү; лыжада жүрүп, мылтык м-н бута атуу. 20 *км* жүрүштүн 5тен 18 *км* ге чейинки аралыкта спортсмен 4 атуу чегинен 150 *м* аралыктагы бутага 5тен ок атат. Ар бир жаза атууга 2 *мин* штраф берилип, жалпы убакытка кошулат. 1960-жылдан баштап Б. кышкы Олимпиадалык оюндардын программасына кирген. 10-Олимпиадалык оюнда (1968, Гренобль) сов. биатлон командасы 4×7,5 эстафетада жеңип чыккан.

БИБЛИОГРАФИЯ (гр. biblion — китеп, *...графия*) — басма сөз продукцияларын, ил.-коомдук мааниси бар кол жазмаларды, аудиовизуалдык материалдарды эсепке алуучу, системага салып, аны активдүү пропагандалоочу библ. көрсөткүчтөрдү түзүүнүн ж-а колдонуунун методикасын ж-а теориясын үйрөтүүчү илим. Б. партиялуу болуп эсептелет. Бул принцип В. И. Лениндин, Н. К. Крупскаянын эмгектеринде, КПССтин документтеринде кеңири белгиленген. Сов. Б. эмгекчилердин мүдөөсүн көздөп, коммунисттик идеологияны жайылтат. Капит. өлкөлөрдө Б. эзүүчү таптын кызыкчылыгы үчүн реакциячыл идеологияны жайылтууга кызмат кылат.

Б. Байыркы Грецияда б. з. ч. 5-к-да эле пайда болгон. 17-к-дан «китепти баяндап жазуу» деген мааниде колдонула баштаган. Кийин гана Б. деген азыркы маанисинде колдонулуп калды. Библ. издөө — басма сөз чыг-лары тууралуу маалыматтарды табуу Б-нын бир методу болуп саналат. Ад-ттарды иргөө алардын ил. практикалык же көркөмдүк мааниси, тематикасы, тигил же бул авторго тиешелүүлүгү, чыккан учуру ж. б. мүнөздөмөлөрү б-ча жүргүзүлөт. Библ. мүнөздөмө ар бир чыг-нын мазмунун, маанисин ж-а өзгөчөлүгүн түшүнүүдө жардам берет. Библ. мүнөздөмөнүн библ. сыпаттап жазуу, *аннотация, реферат, рецензия, обзор* сыяктуу бөлүктөрү бар. Ад-ттарды топтоо библ. көрсөткүчтөрдө жүргүзүлөт. Бул метод системалык, тематикалык, предметтик тартипте жүргүзүлөт. Системалык топтоо — ад-ттарды бир нече илим тармагы б-ча ондук (десятичный) классификациянын же *китепкана-библиографиялык классификациянын* негизинде, айрым учурда тарыхый-хронологиялык тартипте аткарылат. Тематикалык топтоодо актуалдуу, негизги проблемалар б-ча топтоштурулат. Предметтик топтоодо ад-ттар алфавит б-ча жайгаштырылат. Мындан башка хронологиялык, персоналдык, топографиялык, алфавиттик тартипте топтоштурулат. Б. коомдук милдети б-ча информациялык ж-а рекомендациялык деп бөлүнөт. Информациялык Б. басма сөз чыг-ларынын бардыгын, анын чыгышын же мүнөзүн сыпаттап жазат, ад-ттарды мүмкүн болушунча толук камтууга аракет кылат. Рекомендациялык Б. ад-ттарды туура тандоо, сунуш кылуу максатын көздөйт. Б-нын мамлекеттик Б. деген бөлүгү өлкөдө чыккан бардык басма сөз чыг-ларын мүмкүн болушунча толук эсепке алат, тиги же бул өлкөнүн мамл. тилинде чет өлкөлөрдө чыккан ад-ттар да чагылдырылат, о. эле жалпы өлкө ж-дөгү же ошол өлкөнүн адамынын чыг-лары ж-дө да маалыматтар берилет. Крайлык Б-га өлкөнүн тигил же бул бөлүгү м-н байланышкан материалдар киргизилет. Толук Б-да ад-ттар толук камтылат. Тандалган Б-да ад-ттарга библ. көрсөткүчтүн максатына байланыштуу иргөө жүргүзүлөт. Системалык Б-да ад-ттар илим тармактары б-ча системага салынат. Предметтик Б-да ад-ттар айрым бир предметтердин алфавит тартиби б-ча жайгаштырылат, тематикалык Б-да материал коомдук мааниси бар темалар б-ча берилет, алфавиттик Б-да материал басма сөз чыг-ларынын же авторлордун алфавитинде топтоштурулат. Персоналдык Б-да айрым бир коомдук ишмердин өмүрү, чыг-лыгы ж-дө ад-ттар, чыг-лары тизмеленет. Универсал Б. м-н жалпы Б. бир мааниде. Мында ар түрдүү илим тармактарынын ад-ттары чагылдырылат. Бардык мамл. Б.—улуттук библиография деп саналат. Учурдагы Б-да жаңы чыккан басма сөз чыг-лары чагылдырылат. Өткөндөгү (ретроспективдүү) Б. өткөндө чыккан басма сөз чыг-ларын камтыйт. Келечектин (перспективдүү) Б-сы басмага даярдалып ж-а чыгарылып жаткан ад-ттардан маалымат берет. Библиографиялардын Б-сынын объектиси—ар түрдүү библ. көрсөткүчтөр. Бул мурда ж-а жаңы чыккан библ. көрсөткүчтөрдү камтыйт.

Б-нын өнүгүшүнүн жаңы этабы Улуу Октябрь Соц. рев-ясынан кийин гана башталды. 1920-ж. 30-июндагы В. И. Ленин кол койгон «Библиографиялык ишти РСФСРдин Эл агартуу комиссариатына өткөрүп берүү жөнүндөгү» декретинин негизинде дүйнө жүзүндө биринчи болуп Б. мамл. ишке айланды. Басма сөздү каттоо милдети Росс. борб. китеп палатасына тапшырылды. Кийин ал *Бүткүл союздук китеп палатасы* (1936) деп аталган. Ал азыр «Книжная летопись» (1907), «СССРдин китептеринин бир жылдыгын» (1946) ж. б. летописттерди, китептердин, макалалардын, рецензиялардын карточкаларын басып чыгарат. Методикалык, ил., теориялык ж-а практикалык жактан В. И. Ленин атн. СССРдин мамл. китепканасы (Москва) м-н М. Е. Салтыков-Щедрин атн. мамл. калк китепканасы (Ленинград) СССРдин башка китепканаларына жетекчилик кылат. Кырг-нда 1934-ж. Н. К. Крупскаянын демилгеси б-ча респ-калык Н. Г. Чернышевский атн. китепкана ачылып, кыргыздын улуттук Б-сына негиз салынган. Мамл. Б-ны Кыргыз мамл. китеп палатасы, балдар ад-тынын Б-сын Респ-калык балдар китепканасы түзүп чыгарат. Сов. Б-нын тарыхы, теориясы ж-а методикасы «Советская библиография», «Библиотекарь» журналдарына, ал эми респ-кабыздыкы квартал сайын чыгуучу «Кыргызстан китепканачысы» бюллетенине ж. б. басма сөз органдарына жарыяланып турат.

Ад.: Кыргызстандын библиографиясы, 4 томдук, Фр., 1963—1973; Советтик Кыргызстан. Адабияттардын аннотацияланган кыскача көрсөткүчү, Фр., 1961; Китеп окуучунун спутниги, Фр., 1969—1973; Советская библиография, Сб. ст., М., 1960; Масанов Ю. И., Теория и практика библиографии. Указатель литературы, 1917—1958, М., 1960; Берков П. Н., Библиографическая эвристика, М., 1960.

БИБЛИОГРАФИЯЛЫК ЖУРНАЛДАР — басма сөз ж. б. материалдарды сындоочу, эсепке алуучу, библиографиянын тажрыйбаларына теориялык түшүнүк берүүчү мезгилдүү басма сөз. 1. Жаңы чыккан китептерге баа берүүчү сын-библ. журналдар: «В мире книг» (1961) ж. б. 2. Учурдагы информациялык библ., б. а. басма сөздү ж. б. материалдарды мамл. каттоого алуучу Б. ж. Бүткүл союздук китеп палатасы чыгаруучу журнал—«Книжная летопись» (1907) ж. б. Кыргыз ССР мамл. китеп палатасы кыргыз ж-а орус тилинде чыгаруучу бюллетендер — «Китеп летописи» (1949), «Газета макалаларынын летописи», «Журнал макалаларынын летописи» (1956) ж. б. Библиографиянын теориясын, тарыхын, методикасын чагылдыруучу журналдар: «Советская библиография» (1933) ж. б.

БИБЛИЯ (гр. biblia — китептер) — иудаизм ж-а христиан динииндеги «ыйык» китептердин жыйнагы, байыркы замандан калган жазма эстелик. Б. эки — «Байыркы осуят» («Ветхий завет») ж-а «Жаңы осуят» («Новый завет») деген бөлүктөн турат. «Байыркы осуятты» христиандар да, иудейлер да «ыйык» дешет, ал эми «Жаңы осуятты» христиандар гана «ыйык» санайт. Чиркөө окуусу Б-ны кудайдын амиринен жаралган деп жарыялаган. Бирок ил. изилдөөлөр Б-нын б. з. ч. 13-к-дан биздин замандын 2-к-на чейин жаралганын, андан кийин да толукталып ж-а кеңейтилип турганын далилдейт. Христиан дини калыптанып, Рим империясындагы негизги динге айлана баштаган кезде динчилер өтө көбөйүп кеткен диний ад-ттардан жаңы шартка жооп бере турган чыг-ларды иргеп алышкан. Лаодика собору христиан дини «ыйык» деген чыг-лардан турган Б-ны атайын бекиткен. Ал эми ага кирбей калган диний китептерди жалган деп жарыялапып, аларды окууга тыюу салынган. Б. хроникалардан, тарыхый жомоктордон, мифтер м-н уламыштардан, оозеки көркөм чыг-лардын үзүндүлөрүнөн, укук ж-а правалык маселелерге байланыштуу насыят сөздөрдөн, диний ырым-жырым жоболорунан турат. Марксизм-ленинизм Б-нын реакциячыл ролун баса белгилеп, анда байыркы адамдардын социалдык турмушу, ишеними, сыйынган ырым-жырымдары, идеол. күрөшү, филос. ж-а этикалык түшүнүктөрү фантастикалык формада чагылган деп көрсөтөт. Б-нын көркөм ад-ттын эстелиги катары да аздыр-көптүр мааниси бар

Ад.: Маркс К. жана Энгельс Ф., Дин жөнүндө, Фр., 1960; Ленин В. И. Дин жөнүндө, Фр., 1957; Ленцман А. Я., Происхождение христианства, М., 1960; Крывелев И. А., Как критиковали Библию в старину, М., 1966.

БИДСТРУП Херлуф (10. 9. 1912-ж. т.) — даниялык сүрөтчү-карикатурист. Даниянын компартиясынын мүчөсү. Копенгагендеги сүрөтчүлөр академиясында окуган (1931—35). Адегенде турмуш-тиричилик темасындагы юмордук ж-а сатиралуу сүрөттөрдү, 1940-жылдан баштап саясий карикатураларды тарта баштаган. Анын сүрөттөрүнүн сериялары Данияда, чет өлкөлөрдө, о. эле СССРде да бир нече жолу өз алдынча альбом болуп басылып чыккан. СССРге бир нече жолу келген, бир сапар Кырг-нга да келип, көп кызыктуу сүрөттөр тартып кеткен. Б.— «Элдердин ортосунда тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн» Эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1964).

Чыг.: Что увидел Херлуф Бидструп в Советском Союзе (Альбом), М., 1969.

Ад.: Малятников О., Оружием смеха..., М., 1966.



Х. Бидструп. 1. Кемеге кашында. 2. Карыялар.

«БИЗ РАБКРИНДИ КАЙРАДАН КАНДАЙЧА УЮШТУРУУБУЗ КЕРЕК (Партиянын 12-съездине сунуш)» — В. И. Лениндин акыркы макалаларынын бири. Ал 1923-ж. 23-январда жазылып, 25-январда «Правда» газетасынын 16-санында жарыяланган. В. И. Лениндин «Аз болсо да, жакшы болсун» деген макаласы — ушул макаланын уландысы. Анда иштеген иштердин жыйынтыгы чыгарылып, СССРде совет мамлекетин чыңдоо ж-а соц. коомду куруу б-ча партия м-н жумушчу табынын милдеттери белгиленген; соц. курулуштун талаптарына ылайык сов. мамл. аппаратты чечкиндүү түрдө кайрадан уюштуруу ж-а жакшыртуу милдеттерине зор көңүл бурулган; жакшы уюштурулган ж-а иштен тыкан иштей турган мамл. аппарат соц. курулушту ийгиликтүү ишке ашыруунун зарыл шарттарынын бири деп көрсөтүлгөн. В. И. Ленин Жумушчу-дыйкан инспекциясындагы ишке Гражд. согуштун жылдарындагыдай партиянын мыкты күчтөрүн жиберүүнү, мамл. аппараттын иштерин жакшыртуу үчүн Жумушчу-дыйкан инспекциясын кайрадан уюштурууну, аны РКП(б)нин Борб. контроль комиссиясы м-н бириктирүүнү сунуш кылган.

В. И. Ленин сов. коом эки таптын—жумушчулар м-н дыйкандардын союзуна негизделген социалдык-түзүлүш экендигин баса көрсөтүп, алардын ортосундагы союзду чыңдоону партияга тапшырган. Компартия бул көрсөтмөлөрдү жетекчиликке алып, социализм үчүн күрөштө жумушчулар м-н дыйкандардын союзун чыңдап, дыйкандарды соц. курулушка тартып, Лениндин кооперативдик планын жүзөгө ашырды. В. И. Ленин партиянын биримдигин сактоону, парт. ж-а мамл. тартипти чыңдоону, жикке бөлүнүүгө жол бербөөнү башкы милдет деп көрсөткөн. РКП(б)нин 12-съезди Лениндин акыркы макалалары м-н каттарындагы көрсөтмөлөрүн эске алып, «РКИ м-н ЦККнын милдеттери жөнүндөгү» атайын резолюция, ЦКК м-н РКИ эл комиссариатын бириктирүү ж-дө чечим кабыл алды.

Ад.: Ленин В. И., Биз Рабкринди кайрадан кандайча уюштуруубуз керек (Партиянын XII съездине сунуш), Чыг., кырг. тилинин 1-бас., 33-т.; ошонуку, Аз болсо да жакшы болсун, бул да ошондо; История Коммунистической партии Советского Союза, т. 4, кн. 1, М., 1970.

«БИЗДИН РЕВОЛЮЦИЯБЫЗ ЖӨНҮНДӨ», Н. Сухановдун запискасы жөнүндө — В. И. Лениндин акыркы макалаларынын бири. 1923-ж. 16—17-январда жазылып, 1923-ж. май айында «Правда» газетасына басылган. Мында В. И. Ленин Компартия м-н Совет бийлигинин иш-аракетин жыйынтыктап, социализм куруу планын белгилеген. Макалада Улуу Окт. соц. рев-ясын «тарыхтын жаңылыштыгы», «Россия соц. рев-яга даяр эмес эле» деген меньшевиктердин пикири төгүндөлүп, Россияда соц. рев-янын закондуу көрүнүш экени далилденген; пролет. рев-я үчүн жетилүү шартын бир гана өлкөнүн ички ж-а тышкы абалына байланыштырып кароого болбой турганын, бул шарттар дүйн. капит. системанын бардык карщылыктарынын курчушу м-н түзүлөрү көрсөтүлгөн. В. И. Ленин империализмдин чынжыры анын позициясы начар ж-а пролетариаттын позициясы күчтүү болгон жерлерде үзүлөрүн айтып, Россия 1917-ж. империализм чынжырынын абдан начар звеносу болгондугун далилдеди. 2-Интернационалдын башчылары м-н орус меньшевиктери жумушчу табы бийликти өз колуна алуу үчүн өз маданий деңгээлин көтөрүүгө, башкаруучу кадрларын түзүүгө тийиш деп эсептешкен. Помещиктик ж-а капит. эзүүнүн шарттарында жумушчулардын маданиятка кеңири катышуусун талап кылуу мүмкүн эмес экенин алар түшүнгүсү келген эмес. В. И. Ленин СССРде социализмдин жеңиши үчүн күрөштүн ачык-айкын программасы м-н партияны ж-а жумушчу табын куралдандырып, СССРде толук соц. коомду куруу үчүн зарыл болгон бардык шарттардын бар экендигин көрсөткөн. В. И. Лениндин көрсөтмөлөрүн турмушка ашыруунун натыйжасында СССР дүйнөдөгү экономикасы, мад-ты өнүккөн күч-кубаттуу өлкөгө айланды.

Ад.: Ленин В. И., Биздин революциябыз жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 33-т, 530—35-б.

БИЗЕ Жорж (25. 10. 1838—3. 6. 1875) — франц. композитор. Музыканттын үй-бүлөсүнөн. Париж консерваториясына 10 жашында кабыл алынып, аны 1857-ж. бүткөн. «Кловис жана Клотильда» кантатасы үчүн чоң Рим сыйлыгын алган. Б. 20дай опера жазган. Алгачкы опералары: «Акак издөөчүлөр» (1863), «Перт сулуусу» (1866), «Жамила», «Арлезиан кызы» (1872) ж. б. чыг-ларында реалисттик тенденциялар таасын көрүнүп, композитордун өсүү багытын көрсөттү. Б-нин чыг-лыгынын эң жог. жетишкендиги дүйнөдөгү эң популярдуу «Кармен» операсы болду. Опера 1874-ж. жазылып, 1875-ж. Парижде коюлган. Операнын музыкасы драмалык зор күчү, элестүү ыргактары, гармониясынын ачыктыгы, оркестрлөштирүүнүн байлыгы м-н айырмаланат. Б-нин оркестрдик чыг-лары: «Рим» (1868), «Мекен» драмалык увертюрасы (1874) ж. б.; «Апрель ыры», «Пастораль», «Эл кайда көчөт» сыяктуу романстары да француз вокалдык лирикасынын мыкты үлгүлөрүнө кирет. Б-нин атактуу «Кармен» операсы 1949-жылдан Кырг-нда коюлуп келе жатат.

БИЗОН — ача туяктуулар түркүмүнө кирген көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы жапайы бука. Б. Түн. Америкада тараган; Европа зубрларына окшошураак. Б-ду кээ бир зоологдор зубрлар түрчөсүнө кошот. Б.— ири жаныбар; картаң букаларынын денесинин уз. 3 *м*, бийикт. 2 *м*, салм. 1 *т* га жетет; ургаачысы кичирээк, өркөчтүү, көкүрөгү дүгдүгүй, баш, моюн, көкүрөк жүнү узун ж-а калың. СССРде Б-дун 1 түрү — европа зубру (B. bison L) бар.

БИЗОНИЯ (*би...* ж-а гр. zone — тилке) — 1946—48-ж. Германиядагы амер. ж-а англ. оккупациялык зонанын бириктирилиши. Бул Германия ж-дөгү 4 тараптуу макулдашууну (СССР, АКШ, Улуу Британия ж-а Франция) бузуу натыйжасында түзүлгөн. АКШ м-н Улуу Британия сепараттык кош зоналуу башкаруу органын түзүү ж-дөгү келишимге Нью-Йоркто 1946-ж. 2-декабрда кол коюшкан. Лондондогу сепараттык кеңешмеге (1948) АКШ, Улуу Британия, Франциянын өкүлдөрү катышып, Бат. Германия мамлекетин түзүү ж-дө чечим кабыл алышкан. Натыйжада ГФРдин мамл. бийлик органдары пайда болгон (1949).

БИЙ — көчмөн ж-а жарым көчмөн түрк элдеринин уруу аксакалдарынын мансап наамы; бийлөөчү таптын өкүлү. Кыргызда 17—19-к-дын башында Б. уруунун, уруктун башчысы болуу м-н саясий, админ., чарб. ж-а соттук милдеттерди да аткарып, мурас катары ал атадан балага өткөн. 19-к-дын 1-жарымында Б. мансабы орто ж-а майда манаптарга, үрп-адаттарды жакшы билген барктуу аксакалдарга, эл арасында даңкы чыккан чечендерге өтө баштайт. Алар чоң манаптарга баш ийип, алардын кызыкчылыгын жакташкан. Б-лер мүлк талашы, үй-бүлө маселеси, уруучулук, киши өлтүрүү же майып кылуу сыяктуу кылмыштарды карап, ал үчүн акы (к. *Бийлик акы*) алышкан.

Б-лер сот кызматын аткарып, айрым айылды, урууну башкарган эзүүчү таптардын өкүлү болгон. 1865—66-ж. Россия падышачылыгы Түркстанда башкаруунун тартиби ж-дө чыгарган Жоболорго ылайык казылар соту м-н бирге, үч баскычтуу Б-лер соту уюштурулган. Б-лер соту үч жылдык мөөнөткө шайланып, кылмыш иштери б-ча бир жарым жылга чейин камак жазасын берүүгө же 3000 сомго чейин штраф салууга укуктуу болгон. Б. айыл б-ча а й ы л д ы к б и й г е, болуш б-ча б о л у ш т у к бийге бөлүнгөн. Б-лердин съезддери (курултайлары) ж-а атайын съезддери чакырылып турган. Б-лердин атайын чакырылган съездинде кыргыздардын ар түрдүү урууларынын, коңшулаш жашаган башка элдердин, б. а. бир нече уезддин калктарынын талаш-тартыштары каралган. Бул съезддерге уезддин ж-а болуштун башкаруучулары желдеттери м-н келишип, съезддин өтүшүнө, Б-лердин чечимдеринин аткарылышына көз салып, орус падышасынын саясатын жүргүзүшкөн. Окт. рев-ясынан кийин Совет бийлиги айрым жерлерде казы м-н болуш сотун убактылуу калтырып, алар ж-дө атайын жоболор чыгарган. Б. соту Жобонун негизинде ж-а сов. сот органдарынын көзөмөлдөө астында иштеди. Эмгекчилер арасында казы м-н Б. сотунун таасири барган сайын жоюла баштап, аларга кайрылуучулардын саны азайды; 1927—28-ж. казы ж-а Б. соту өзүнөн-өзү жоюлду.

БИЙ — иск-вонун адамдын дене кыймылынын жардамы м-н көркөм образ жаратуучу түрү. Б. түпкүлүгүндө байыркы магиялык оюндардан, эмгек процессине байланыштуу кыймыл-аракеттерден келип чыккан. Адегенде Б. сөз м-н обонго байланыштуу болгон. Тарыхый өнүгүүнүн натыйжасында музыка м-н жашай турган өнөрдүн бир салаасына айланган. Табият кубулуштарын, аңчылык ж-а согуш көрүнүштөрүн белгилүү тартипке түшүргөн ыргактуу кыймыл (бий) м-н туюнтуу байыркы замандарда эле жаралган. Алгач Греция, Рим, Египет, Кытай ж-а Индияда бийлөө техникасы жог. деңгээлге жеткен. Б. Байыркы Римде көңүл ачуу болсо, Байыркы Грецияда тарбия каражаты болгон. О. к-да дин өкүлдөрү Европада Б. өнөрчүлөрүн куугунтуктаган. Кайра жаралуу доорунда Италия, Франция ж. б. өлкөлөрдө Б. өнөрү кайрадан өнүгүп, коомдук колдоого алынган. 16-к-да жай кыймылдуу «төмөнкү» Б-лер (павана, куранта), анча узабай эле ылдам кыймылдагы «жогорку» Б-лер (гальярда, вольта) жаралат. Б. б-ча окуу китептери чыгат. *Кайра жаралуу* доорунун акырында *балет* өнөрү өзүнчө өнүгө баштайт. Францияда Королдук бий академиясы (1661) курулат. 17—19-к-да гавот, *полонез, менуэт*, контрданс, *вальс* сыяктуу бал Б-лери пайда болот, *полька, мазурка, краковяк* Б-лери өнүгөт. Балет өнөрүнүн өнүгүшү Б-дин өнүгүшүнө жаңы салым кошот. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында бир катар Европа өлкөлөрү м-н АКШда Б-дин жаңы түрлөрүн киргизүүгө болгон далалат күчөп, салттагы бал Б-дин беделин түшүргөн фокстрот, чарльстон, рок-н-ролл ж. б. Б-лер жаралат (алар жалпы коомчулукка алынып кеткен жок). Бийлер элдик Б., балеттик Б., классикалык Б. болуп бир нече түргө бөлүнөт.

СССРде сахналык Б. м-н катар элдик Б-лер да өнүгүп жатат. Сахналык

Б-лер орус ж-а дүйн. классикалык Б-дин салттарынын негизинде өнүгүүдө. Улуу Окт. рев-ясынан кийин кыргыз эл Б-лери да жаралды. Балетмейстер Н. *Холфин* кыргыздын элдик оюндарын, ырым-жырымдарын, эмгек процесстерин, кийим өзгөчөлүгүн, музыканын мүнөзүн изилдеп, «Кийиз» деген туңгуч Б-ди түзгөн. «Алтын кыз» музыкалуу драмасындагы, «Айчүрөк» операсындагы Б-лер элге кеңири тарады. «Анар», «Селкинчек» балеттеринде кыргыз бийи өөрчүтүлдү. «Чолпон», «Ала-Тоодогу жаз», «Куйручук», «Асел» балеттери — Б-дин мыкты үлгүлөрү. Өздүк көркөм чыг-лыкта да Б. кеңири өнүгүүдө. 1969-ж. кыргыздын элдик бий ансамбли түзүлдү.

Ад.: Лукиан, О пляске, Собр. соч., т. 2, М.—Л., 1935; Ткаченко Т. С., Народный танец, М., 1954; Львов Н., Киргизский театр, М., 1953; Уразгильдеев Р., С большим успехом (К первому концерту ансамбля народного танца), «Советская Киргизия», 26 апр. 1969.

БИЙ АЛМА, бихи (Cydonia) — роза гүлдүүлөр тукумундагы дарак же бадал. Бийикт. 1,5—5 *м*. Гүлү ак же кызгылтым. Мөмөсү сары, даамы кычкыл. Жапайы Б. а. Кавказ, О. Азия, Иранда тараган. Бакмасы Жер Ортолук деңизинин жээктеринде, Европанын борб. бөлүгүндө, Түн. Америка, Япония, СССРде (О. Азия, Молдавия, Закавказье, Украина, РСФСРдин түштүгү) өстүрүлөт. Анын майда (30—40 *г*) мөмөлүү жапалак (1—2 *м*) түрү, чоң (2—2,5 *кг*) мөмөлүү чынар түрү бар. Б. а. калемчелеп, кыйыштырылып көбөйтүлөт. Андан компот, варенье ж. б. жасалат. Ага алма бити, алма көпөлөгү ж. б. зыян келтирет. Ал дат, кара чирик илдетине чалдыгат.

БИЙ КҮҮЛӨР — кыргыздын «Так-теке», «Селкинчек» сыяктуу оюн-шоок күүлөрүнүн бир түрү. Б. к-дүн кайруулары кыска, обондуу, бий ритмдери так, бий мүнөзү айкын болот. Алар комуз, кыяк ж-а чоор күүлөрүнөн кезигет. Өзгөчө комуз күүлөрүндө «Эски бий күү», «Теңсел», «Чайкалма», «Бий күү» сыяктуу эзелтен келаткан бий мүнөз күүлөр бар. Эски Б. к-дүн дагы бири — «Калмак бий». Элде анын 4—5 варианты бар. Бир ритмди кармап туруу м-н «бийчини» экстазга жеткирүү же «бийчинин» маскарапоздук кыймылдары, ишараты аркылуу атайлап элди күлдүрүп, тамаша куруу бул күүлөрдүн негизги максаты болгон. Мындай «бийлер» азыр унутулуп кеткени м-н күүлөрү элдик өнөрпоздордон кыргыз радиосунун фондусуна жазылган. Жамаатташ элдер м-н каттоо калктардын бий мотивдеринин таасири аркылуу жаралган «Анжияндын бий күү», «Букар бий», «Кашкар бий», «Өзбек бийи», «Тажик бийи», «Дагстан бийи», «Орус бийи» сыяктуу Б. к. кыргыз Б. к-нүн санын арбытып, сапатын арттырган. Өзүнчө бир уруу күүгө айланган. Б. к-дүн таасири м-н элдик өнөрпоздор күүлөр чыгарган. Анын айрым үлгүлөрү «Кыргыз музыкасынын антологиясы» деп аталган грампластинкалар жыйнагында өзүнчө жанр катары берилген.

БИЙ МУЗЫКАСЫ — элдик ж-а зооккече бийлерди коштоочу музыка. Б. м. бийдин түрүнө, темпине жараша ритмге негизделет. Ал көбүнчө аспаптык ансамбль же бир эле аспаптын (барабан, дап ж. б.) коштоосу м-н аткарылат. Б. м.— көп элдердин музыкасындагы салттуу жанр. Мурда бий өнөрү өнүкпөгөн элдерде (мис., казак, кыргыз ж. б.) да Б. м. пайда болуп, өз алдынча жанр катары калыптана баштаган.

БИЙБОСУНОВ Ильяс (25. 6. 1932-ж. т., Ысык-Көл обл., Күрмөнтү кыш.) — сов. физик, физ.-матем. илимд. доктору, проф. (1972). 1974-жылдан КПССтин мүчөсү. Пржевальскидеги мугалимдер ин-тунун физ.-матем. ф-тетин (1951) ж-а Кыргыз мамл. ун-тин (1956) бүтүргөн. Ал ун-ттин теориялык физ. кафедрасында (1956—59) ил. из. иштерин жүргүзүп, Кыргыз мамл. ун-тинде теориялык физ. кафедрасында ст. окутуучу (1959—61), Кыргыз ССР ИАнын Физ. ж-а матем. ин-тунун гидроаэродинамика лабораториясынын ж-а секторунун башчысы (1961) болуп иштейт. Бүткүл союздук астрономогеод. коомдун Кырг-ндагы бөлүмүнүн пред-ли (1966). Анын жетекчилиги м-н бир катар ил. изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат. Мис.: атмосферанын жог. катмарынын динамикасы, радиолокациялык метод м-н ионосферанын метеордук зонасындагы абанын агымы ж-а анын Жердин магнит талаасы м-н болгон аракети, үн ылдамдыгына жакын болгон газ динамикасынын теориясы ж. б. Б. — бир топ ил. эмгектердин автору.

Чыг.: Околозвуковое течение газа с областью сверхзвуковых скоростей..., «Прикладная математика и механика», 1958, т. 22, № 3; Плоскопараллельное околозвуковое течение газа с искривленным скачком уплотнения, «Доклады АН СССР», 1959, т. 126, № 5; Решение уравнения Чаплыгина методом прямых, «Изв. АН СССР» (Механика жидкости и газа), 1971, № 5.

БИЙИК ТОО РЕЛЬЕФИ — көбүнчө субальпы, альпы ж-а нивалдык-гляциалдык алкактарда жаткан тик капталдуу, кокту-колоттору көп, кырдуу ж-а чокулуу жаш тоолордун (Альпы, Кавказ, Памир, Гималай ж. б.) рельефи. Мөңгүлүү келип, ургаалдуу физ. талкалануу жүрүп турат. Пайда болушу ж-а өөрчүшү тоолордун абс. бийиктиктерине, кайсы кеңдикте жайгашкандыгына ж-а кар сызыгынын бийиктигине жараша болот, көбүнчө 2000—2500 *м* ден жогору, к. *Рельеф*.

БИЙИК ТОО СТАНЦИЯЛАРЫ — 2000 *м* ж-а андан да бийик тоолордо жайгашып, дайыма байкоо ж-а изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн арналган пункттар. Милдети б-ча *гидрометеорологиялык* ж-а атайын (мөңгүлөргө, кар көчкүлөрүнө, селдин болушуна, күн радиациясына ж. б. байкоо жүргүзүү) станцияларга бөлүнөт. Кырг-ндагы Б. т. с-нын бири — *Кыргыз ССР ИАнын Тянь-Шань физикалык география станциясы.*

БИЙИК ТОО ФИЗИОЛОГИЯ ЖАНА ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ПАТОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ — Кыргыз ССР ИАнын соо ж-а оору организмге бийик тоолуу жердин тийгизген таасирин изилдеп, жаңы курорт ресурстарын табуу б-ча иш жүргүзүүчү ил. из. мекемеси. Бул ин-т 1955-ж. Крайлык мед. ин-ту деген ат м-н Кыргыз ССР ИАнын карамагында түзүлгөн. Мында Кырг-нда богок оорусунун пайда болушу ж-а ага каршы күрөшүү, бийик тоолуу жердин организмге тийгизген таасирин үйрөнүү, курорттук жаңы ресурстарды изилдөө ж. б. иштери жүргүзүлгөн. Азыркы мезгилде бийик тоо физиологиясы м-н патологиясынын проблемалары изилденип жатат. Ин-тта эксперименттик физиол., жаратылыш адаптациясынын физиологиясы, адамдын физиологиясы, патофизиология ж-а эксперименттик терапия бөлүмдөрү м-н 11 лабор-я бар. Анда 159 ил. кызматкер, анын ичинде Кыргыз ССР ИАнын 1 академиги, 1 мүчө-корр., илимдин 2 доктору, 20 кандидаты иштейт. Физиол. адаптация проблемасын ж-а анын механизмин, жаныбарлардын табигый жашоо шартында, адамдардын эмгек аракеттеринде онто- ж-а филогенезде пайда болушун изилдөө ин-тун негизги багыты болуп эсептелет. 1973-жылдан «Айлана-чөйрөнү сактоо ж-а жакшыртуу, жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануунун илимий негизи» ж-дөгү проблеманы иштеп чыгууга киришти.

БИЙИКТИК — 1) а с т р о н о м и я д а — асман объектисине карай багытталган багыт м-н чыныгы горизонттун тегиздигинин ортосундагы бурч, к. *Асман координаталары.* 2) Г е о м е т р и я д а — геом. фигуранын (мис., үч бурчтуктун, пирамиданын, конустун) чокусунан негизине же анын уландысына түшүрүлгөн перпендикулярдын узундугу. Призмада, цилиндрде, кесилген конуста, пирамидада негизине жарыш, үстүңкү ж-а астыңкы негиздеринин арасындагы аралык Б. болот.

БИЙИКТИК АЛКАКТУУЛУГУ, б и й и к т и к з о н а л д у у л у к — тоонун бийиктигине жараша табигый шарттардын ж-а процесстердин закон ченемдүү өзгөрүшү. Анын негизин климаттык кубулуштар түзөт: бийиктеген сайын күн радиациясынын интенсивдүүлүгү күчөп, абанын температурасы (100 *м* де 0,5—0,6°), тыгыздыгы ж-а басымы төмөндөйт, нымдуулук белгилүү бийиктикке чейин көбөйүп, кайра азая баштайт. Климаттык алкакка байланыштуу тоодогу топурак, өсүмдүк, айбанаттар, агын суулардын көлөмү, рельефтин формалары, б. а. бүт ландшафт өзгөрөт. Тоонун эң төмөнкү алкагынын ландшафты ошол тоо жаткан кеңдик багыттагы геогр.

зонага байланыштуу. Кырг-ндын тоолоруна жарым чөл ж-а чөл (550—1000 *м*), кургак талаа (1000—1300 *м*), талаа ж-а шалбаалуу талаа (1300—1600 *м*), токой, шалбаалуу талаа (1600—2600 *м*), субальпы шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа (2600—3000 *м*), альпы шалбаасы ж-а шалбалуу талаа (3000—3500 *м*), нивалдык-гляциалдык (3500 *м* ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Жерг. шарттарга, тоо беттеринин горизонттун кайсы жагына карагандыгына ж-а аба массаларына байланыштуу Б. а. ар түрдүү бийиктиктерде жатат.

БИЙИКТИК ӨЛЧӨГҮЧ (авиациялык) — учуучу аппараттардын жерден канча бийиктикте учуп бара жаткандыгын аныктоочу прибор. Ал радиолук ж-а барометрдик болуп бөлүнөт. Радиолук Б. ө. радио толкундардын самолеттон берилгенден тартып жерде кабыл алынганга чейинки убакытын ченөөгө, барометрдик Б. ө. бийиктикке жараша аба басымынын өзгөрүшүнө негизделген. Барометрдик Б. ө. *анероид* кутучасынан, берүүчү механизмден ж-а бийиктикти көрсөтүүчү жебеден турат. Абанын басымы өзгөргөндө кутучанын көлөмүнүн өзгөрүшү берүүчү механизмдер аркылуу жебени жылдырат. Прибордун шкаласы *км* ге ж-а *м* ге бөлүнгөн.

БИЙЛИК — башкаруу же буйруу м-н бирөөнүн аракетин өз эркине баш ийдирүүгө мүмкүндүгү бар *авторитет*. Б. тап коому м-н кошо чыккан. Тап м-н мамлекет келип чыкканга чейин үстөмдүк кылуучу аппараттар, мажбурлоочу мекемелер болгон эмес. Алгачкы уруулук коомдо Б-ти уруунун аксакалы жүргүзүп, аны уруунун бардык мүчөлөрү шайлашкан. Таптын ж-а мамлекеттин келип чыгышы м-н туугандык, уруулук байланыштар бузулуп, уруу аксакалынын моралдык авторитетинин ордуна коомдук Б. пайда болуп, ал коомдон бөлүнүп чыгат да, ага үстөмдүк кыла баштаган. «Б.» термини турмушта ар кандай түрдө колдонулган ж-а колдонулууда. Мис., ата-энелер бийлиги, мамл. Б., к. *Мамлекет*.

БИЙЛИК АКЫ —Окт. рев-ясына чейин бийлердин кылмыштык ж-а гражд. иштерди карагандыгы, бийлик кылгандыгы, бүтүм чыгаргандыгы үчүн алган акысы. 17—18-к-дарда бийлердин акысына кошумча кылып доогер кууган доонун ондон бири төлөнгөн. Б. а. көбүнчө алтын, күмүш, ат, төө, калы килем, сүлөөсүн ичик, кээде кыз берип, кудалашуу түрүндө да болгон. Адат закынын нормаларында белгиленген Б. а-га түрдүү «сыйлык», пара кошуп алып, бийлер сот кызматын баюунун булагына айландырышкан. Мис., киши өлтүргөн учурларда өлгөн ж-а өлтүргөн адамдардын тегине, байлыгына ж-а барктуулугуна ж. б. абалына карата адат укугу негизинде бир тогуздан баштап жети же тогуз тогузга чейин мал кесип беришкен да, буга катышкан бийлер өз пайдаларына көп мал алышкан. Милдеттүү Б. а-ны доогердин өздөрү төлөөгө чамасы келбесе, анын туугандарынан өндүрүлгөн. Эгерде Б. а. ж-а бийлердин кесими эрктүү түрдө төлөнбөсө, ага «үч тогуз» деген айыптын бир түрү кошулуп, барымтага алынып, малын карман алуу м-н эрксиз түрдө өндүрүлгөн.

БИЙЛИКТЕН ЖЕ КЫЗМАТ АБАЛДАН КЫЯНАТЧЫЛЫК МЕНЕН ПАЙДАЛАНУУ — сов. укукта кызмат өзүнүн өз кызмат абалынан чектен чыгып пайдаланышы. Пайда көрүү же башка мүдөөсү үчүн өз кызмат абалын кыянаттык м-н пайдаланган ж-а мамл. же коомдук таламга, граждандын закон тарабынан корголуучу укугуна же кызыкчылыктарына орчундуу зыян келтирген кызмат адамы Кыргыз ССР УКнын 177-статьясына ылайык уголовный жоопкерчиликке тартылат.

БИЙЛИКТИН ЖЕ КЫЗМАТТЫК ПОЛНОМОЧИЕЛЕРДИН ЧЕГИНЕН ЧЫГУУ — кызмат адамынын кызматтык укук ж-а полномочие чегинен аша чабышы. Закондо көрсөтүлгөн чектен аша чапкандык дисциплинардык жаза колдонууга алып келет. Мындай аракет мамл. ж-а коомдук органдарга же закон тарабынан корголгон граждандардын укуктарына ж-а кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтирсе, бийликтин же кызматтык полномочиелердин чегинен чыккан адам уголовный жоопкерчиликке тартылат (Кыргыз ССР УКнын 178-статьясы). Кызмат адамы күч же курал колдонсо, закон б-ча катуу жазаланат.

БИЙСК — РСФСРдин Алтай крайындагы шаар, Бия д-сындагы пристань. Калкы 186 миң (1970). Т. ж. станциясы. МЭРге баруучу Чуй шоссе жолунун башталыш пункту. Машина куруу, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж., химия комбинаты, лак-боёк з-ду, жыгач иштетүүчү ишканалар, пед. ин-т, Алтай политех. ин-тунун кечки ф-тети, техникумдар, атайын орто окуу жайлары, драма театры, край таануу музейи бар.

БИЙ-ХЕМ, Чоң-Енисей — Тува АССРиндеги дарыя, Енисейдин оң куймасы. Уз. 605 *км*, алабынын аянты 56800 *км*². Кара-Балык көлүнөн башталып, Тува АССРинин түн.-чыгышындагы тоолорду аралап агат. Ири куймалары: Азас, Хамсара, Сыстыг-Хем. Кызыл ш-на жакын *Ка-Хем* (Кичи Енисей) м-н кошулуп, Улуг-Хемди (Жогорку Енисейди) пайда кылат, к. *Енисей*.

БИКАРБОНАТТАР, гидрокарбонаттар — көмүр к-тасынын кычкыл туздары: $NaHCO_3$, NH_4HCO_3 ж. б. Алардын көпчүлүгү сууда жакшы эрүүчү кристаллдык заттар, ысытуудан кадимки туза айланат: $2NaHCO_3 = Na_2CO_3 + H_2O + CO_2$.

БИКВАДРАТТЫК ТЕҢДЕМЕ — $ax^4 + bx^2 + c = 0$ түрүндөгү теңдеме. $x^2 = y$ деп алып, ордуна коюу аркылуу Б. т. квадраттык теңдемеге келтирилет, к. *Квадраттык теңдеме*.

БИКСТЕР — жаратарды таануу үчүн пайдаланылуучу материалдарды автоклавда зыянсыздандыруучу ж-а тазалоочу болот куту. Б. түрдүү көлөмдө, тегерек ж-а цилиндр формасында болот. Зыянсыздандыруу убагында Б-дин боорундагы ысык буу



өтүүчү тешиктери ачылып, автоклавдан алынгандан кийин материалды таза сактоо үчүн алар атайын куроо м-н жабылып коюлат.

БИЛАЛ НАЗЫМ (өз аты — Билал Юсуп уулу; 1825—1899) — уйгур адабынын классиги. Кулжадагы (Синцзян) мектептен, медиреседен таалим алган. Чыг-лыгы 1840-жылдарда башталып, 1852-ж. «Газалияты» (ырлары) менен жазма түрүндө тараган. Анын чыгармачылыгынын негизги темасы — сүйүү. Уйгур элинин азаттык күрөшү жөнүндө «Кытайдагы козголуш» дастанын жазган. Бул чыгарма 1880-ж. Казанда басылган. Б. Н. фольклордук эстетикалык негизинде «Алдамчы Юсуп менен» (1881) поэмасын ж-а «Назугум» (1882) повестин жазган.

БИЛДИРГИЧ, алгачкы өзгөрткүч — текшерилүүчү чондукту (басым, темп-ра, жыштык, ылдамдык, моторлуулук, чыңалуу, ток ж. б.) өлчөгө, берүүгө, өзгөртүүгө, сактоого, иштоого ыңгайлуу сигналга айландыруучу өзгөрткүч. Чыгыш сигналдарды энергиянын теги б-ча электрдик, пневматик., гидравлик.; энергиянын агымынын модуляциясынын мүнөзү б-ча амплитудалык (чыңалуу, ток, газдын басымы ж. б.), убакыт импульстук, жыштык, фазалык ж-а дискреттүү (цифралык) болуп бөлүнөт. Эң жөнөкөй Б. бир гана сезгич элементтен (термопара, тензо билдиргич, каршылык термометри ж. б.), татаал Б. өзгөрткүчтөрү каскаддуу, дифференциалдык, компенсациялоочу схемалар б-ча кошулган бир нече элементтен турат. Автоматтык текшерүү ж-а жөнгө системасындагы башка элементтерге салыштырганда, Б. эксплуатациялык эң оор шарттарда — температуранын, басымдын кескин өзгөрүп жерлеринде ж. б. колдонулат.

БИЛДИРҮҮ, к. *Информация*.

БИЛЕРИК — аялдар билегине салына турган күмүштөн, алтындан же баалуу кымбат металлдан жасалган коомдук буюм. Зергерлер Б-ке акак таш, мончок чөгөрүп, кооздоп жасашкан.



Б-тин жумуру ж-а жалпак түрлөрү болот.

БИЛИМ — адамдардын практикалык ж-а ойлоо ишмердигинин туундусу; коомдогу ж-а жаратылыштагы көрүнүштөр тууралуу алынган ишенимдүү маалыматтардын жыйындысы. Дүйнөнү практикалык жактан өзгөртүү процессинде адамдардын оппол объективдүү дүйнөнүн кубулуштары, касиеттери, ич ара байланыштары, өнүгүш закон ченемдери ж-дө билгенин тил аркылуу туюнтулат. Б. таанып-билүү м-н тыгыз байланыштуу, анын натыйжасы ж-а составдык бөлүгү. Ал күндөлүк тажрыйба илимге чейинки ж-а ил. эмпириялык ж-а теориялык болуп бөлүнөт. В. И. Ленин белгилегендей, адамзат коомдук өнүгүү процессинде түркөйлүктөн Б-ге, чала ж-а бүдөмүк Б-ден толугураак, айкыныраак Б-ге ээ болуп отурат. Диалек. материализм адамдардын материалдык дүйнө ж-догу билгени салыштырмалуу болот деп эсептейт. Ар бир жаңы муун өзүнөн мурдагы муундун Б-ин өздөштүрүп, аны байытып, өнүктүрүп, алдыга жылдырат. Б. күндөлүк тажрыйба, ил. байкоо, теориялар аркылуу топтолот. Адамзат өзү жеткен Б-ге таянып, жаратылыштын күчтөрүн багындыруу м-н, материалдык байлыктарды өндүрүп, коомдук мамилелерди өзгөртүп турат. Өпондуктан марксизм Б. өнүгүү диалектикасынын закондорун ачуу, таанып-билүүнүн башкы милдети деп санайт.

БИЛИМ АЛУУГА УКУКТУУЛУК — сов. граждандардын СССРдин Конституциясында көрсөтүлгөн негизги укуктарынын бири. СССРде окутуунун түрмүш ж-а өндүрүш м-н байланыштыруу негизинде жалпыга милдеттүү он жылдык билим алуу м-н орто жалпы политех. билим, профтех. атайын орто ж-а жог. билим берүү өнүктүрүлгөн; оошону м-н бир катар кечки ж-а сырттан окуу кеңири жайылтылган. Билим алуунун бардык түрүнө акы төлөөсүз жүргүзүү мамл. стипендиялардын системасын, мектептерде эне тилинде окутууну, эмгекчилерге заводдордо, совхоздордо акысыз өндүрүштүк, тех. ж-а агрон. билим берүүнү уюштуруу жагын кошо камтыйт. Бардык соц. өлкөлөрдө элге билим берүү системасы демократташтырылып, мектеп жашындагы балдарды милдеттүү түрдө окутуу ж-дө закондор кабыл алынган. Капит. өлкөлөрдүн көп окуу жайларында окутуу акысыз болбогондуктан, эмгекчилердин балдарынын бир кыйла болүгүнүн окууга мүмкүнчүлүгү жок. Соц. коомдук түзүлүштүн шартында гана эмгекчилер Б. а. у-нан пайдалана алышат.

БИЛИМ БЕРҮҮ — гражданларга берилүүчү илим-билимдердин, таалимдердин, өнөрлөрдүн жыйындысы. Билим окуу жайларында окутуу аркылуу берилет, о. эле ар бир адам өз алдынча окуп да билим ала алат. Бардык кесиптеги адамдарга керек **билим** — жалпы билим деп, ар кыл кесип үчүн керек атайын маалыматтар ж-а өнөр үйрөтүү билим **кесиптик** (профессионалдык) билим деп аталат. Б. б. мазмуну б-ча коомду бийлеп турган таптын мүдөөсүнө баш ийет. Капит. өлкөлөрдө буржуазия жумушчуларга өндүрүш үчүн кереги тие тургандай өлчөмдө гана билим берет. СССРде ж-а соц. мамлекеттерде Б. б. укугу закон тарабынан бекитилген. СССР Жог. Советинин 8-шайл. 6-сессиясы (1973) «ССР Союзунун ж-а союздан республикалардын элге билим берүү жөнүндөгү закондорунун негиздерин» кабыл алды. Анда СССРде элге Б. б. системасынын бардык баскычтагы мектептери мамл. болот, бардык граждандар жалпыга бирдей ж-а акысыз билим ала алат деп көрсөтүлгөн, к. *Баштапкы билим, Орто билим, Атайын орто билим, Жогорку билим*.

«БИЛИМ» КООМУ — калк арасында саясий ж-а ил. билимдерди таратуучу бүткүл союздук ыктыярдуу коом. КПССтин Программасын ишке жүзүнө ашыруу, коммунизмдин материалдык-тех. базасын куруу, эмгекчилерге коммунисттик тарбия берүү максатын көздөйт. 1947-ж. июлда сов. окумуштуулардын демилгеси м-н саясий ж-а ил. билимдерди таркатуу б-ча Бүткүл союздук коом катарында түзүлгөн. 1963-жылдан Бүткүл союздук «Билим» коому деп аталат. Жог. органы — 5 жылда 1 жолу чакырыла турган съезд. Съезддердин аралыгындагы жетекчи органы — Президиум ж-а пленум. 1972-ж. «Б.» к. Ленин ордени м-н сыйланды. Ал бардык союздук, автоном. респ-каларда, крайларда, областтарда, улуттук округдарда, шаарларда ж-а райондордо түзүлгөн. Колхоздор м-н совхоздордо, ишканалар м-н мекемелерде, окуу жайларда коомдун баштапкы уюмдары иштейт. Бардык ишин коомдун мүчөлөрүнүн ыктыярдуулугунун, коллегиялуулугунун ж-а чыгылык демилгесинин негизинде жүргүзөт. Анын ишине сов. интеллигенттердин кеңири катмарлары активдүү катышат. 1973-ж. 1-январда «Б.» к-нун 2,5 млн-дон ашык мүчөсү болгон. 1948-ж. көрүнүктүү окумуштуулардын демилгеси б-ча түзүлгөн Кыргыз ССРинин «Б.» к.— респ-кадагы ири идеол. мекемелердин бири. 1973-ж. «Б.» к-нун 24600 мүчөсү болсо, анын ичинде 1156 илимд. доктору ж-а кандидаты, 5500 мугалим, 3 миңге жакын инженер-тех. кызматкер, 2 миңден ашык врач, эл чарбасынын миңдеген адистери, өндүрүштүн алдыңкылары ж-а новаторлору бар. Коомдун 3 обл., 47 шаардык ж-а райондук, 1320 баштапкы уюму иштен жатат.

БИЛИНГВИЗМ, к. *Эки тилдүүлүк*.

БИЛЛИОН (фр. billion) — миң миллион. Б. биздин ад-ттарда миллиардга б. а. 10^9 на барабар.

БИЛЬГАРЦИОЗ, к. *Шистосоматоз*.

БИМЕТАЛЛИЗМ — акча системасы. Мында парк өлчөмүн 2 металл — алтын ж-а күмүш аткарат. Ал закондоо түрдө бекитилет да, бирдей чен катары жүгүртүүгө чыгарылат. Б. акча жүгүртүүдө 2 түргө бөлүнөт: 1) алтын ж-а күмүш акчаны жарыш жүгүртүү системасы. Мында алтын ж-а күмүш акчанын баа жагынан айырмасы базар наркынын таасиринен өзүнөн өзү пайда болот. 2) Коп акча жүгүртүү системасы, мында алтын м-н күмүш акчанын баа жагынан айырмасы мамлекет тарабынан белгиленет. Наркты башка өлчөмү өндүрүүчү күчтөрдүн өнүгүшүнө кедергі болуп, акчанын табигый баасына татыбай калат. Бул Б-дин туруксуз акча системасы экендигин далилдеди. Өпондуктан товар наркын белгилөөдө бирдей өлчөм зарыл болуп, 19-к-дын акырында өпүккөн капит. өлкөлөр бир өлчөмгө — алтынга, б. а. монометаллизмге (бир металлга) өткөн.

БИНАРДЫК НОМЕНКЛАТУРА (лат. binarius — кош), биноминалдык номенклатура (биол.) — өсүмдүктөрдү, жаныбарларды ж-а микроорганизмдерди ар бир түрүнүн 2 сөз м-н аталышы (бир сөзү уруунун, экинчиси ар бир түрдүн атын билгизет). Муну К. Линней илимге киргизген (1759), өпондон тартып зоол. ж-а ботан. номенклатура лат. тилинде кабыл алынган. Мис., Betula pubescens (шактуу кайың), Cervus elaphus (Европа бугусу) ж. б.

БИНАУР ЭФФЕКТИ (лат. bini — түгөй ж-а auris — кулак) — айбандардын ж-а адамдын үн булагы кайсы багыта жайланышкандыгын аныктоо жөндөмдүүлүгү. Үн чыгаруучу перспини орду тыңшоочунун кулактарынын абалына карата анын горизонт, вертикаль тегиздиктериндеги бурчтары ж-а аралыгы м-н аныкталат. Булактан чыккан үн 2 кулакка бир убакта келип жетпейт. Үндүн булагына жакын багытталган кулакка үн экинчи кулакка караганда аз убакытта келип жетет. Өпондуктан 2 кулактын каналына келип жеткен үн термелүүсүнүн амплитудасы (күчү) түрдүүчө болот. Демек 2 кулактын перв системасына келип жеткен импульстар (сигналдар) түрдүүчө болуп, үн багытын аныктоого мүмкүндүк берет.

БИНОМ (*би...* ж-а nomen — ат), эки мүчө — биномдун мүчөсү деп аталуучу алгебр. эки туюнтманын суммасы же айырмасы, эки мүчөсү. Мис., $a + b,5x - \frac{y^2}{1+x^2}$ ж. б.

БИНОМДУК БӨЛҮШТҮРҮҮ—көз каранды болбогон кайталанма сыноолордо кандайдыр бир окуялардын пайда болуу санынын ыктымалдуулугунун бөлүштүрүлүшү. Эгер ар бир сыноодо окуялардын пайда болушунун ыктымалдуулугу P десек $(0\leqslant P\leqslant 1)$, андан көз каранды болбогон сыноолордо M саны — бул окуянын пайда болушундагы күтүлбөгөн чоңдук. $m = 0, 1, 2, ..., n$ маанилерге ээ болуучу чоңдуктун ыктымалдуулугу: $P_n(m) = C_n^m P^m q^{n-m}$, мында $q=1-P$, $C_n^m = n!/m!(n-m)!$ биномдук коэффициент. Б. б. биномдук коэффициенттин атынан алынган.

БИНОМДУК КАТАР — $(1+x)^\alpha$ биномунун даражасынын көрсөткүчү α бөлчөк ж-а терс сан болгондогу чексиз даражалуу катар. Эгерде α бүтүн оң сан болсо, Б. к. *Ньютон биному* деп аталат. Б. к. $(1+x)^{-1}=1-x+x^2+...+(-1)^n x^n$, $|x|<1$ болгондо, жыйналат.

БИО... (гр. bios — өмүр, тиричилик)— татаал сөздөрдүн 1) «өмүр» (мис., *биография*), 2) «турмуш-тиричиликке байланыштуу» (мис., *биометрия*), 3) «биологиялык» (мис., *биосинтез*) деген маанилерди туюндуруучу составдык бөлүгү.

БИОБАШКАРУУ — башкаруучу сигнал катары жандуу организмдердин ар түрдүү аракеттери пайдаланылып, приборлор, механизмдер ж-а түзүлүштөр м-н башкаруу системасы. Б. дүүлүктүрүлүүчү ткандар пайда кылуучу биоэлектрдик потенциалдары, жүрөк-кан тамыр ж-а дем алуу системаларынын ишине байланыштуу механикалык ж-а акустика кубулуштары, дененин темп-расынын өзгөрүшү ж. б. м-н байланыштуу. Бардыгынан биоэлектрдик башкаруу системасы кеңири таралган. Мындай системаларда булчуңдар, жүрөк, мээ, нервдер пайда кылган биопотенциалдар адегенде күчөтүлүп, иштелип, андан ары команда берүүчү, башкаруучу сигналдарга айландырылат. Мээнин биопотенциалдарын пайдалануу электр энцефалографы м-н автоматтык башкаруучу приборлор түзүүгө мүмкүндүк берди. Бул приборлор кычкылтектин жетишпегендигин автоматтык түрдө билдирет, наркоз заттарын берүүнү автоматтык түрдө башкарат ж-а наркозду берилген стадияда кармап турат. Көпчүлүк приборлор жүрөктүн биопотенциалдары (оору учурунда электр кардиограмманын мүнөздүү өзгөрүүлөрү) м-н башкарылат. Приборлор диагностикалык, каттоочу аппараттарды иштетүүчү ж-а дарылоочу болуп бөлүнөт. Биоэлектрдик башкаруу техникада да (аралыктан башкарылуучу биоманипуляторлордо) колдонулат.

БИОБИБЛИОГРАФИЯ—автордун кыскача өмүр баяны, чыг-лары ж-а ал ж-дөгү ад-ттардын тизмеси берилген персоналдык библиография. Негизинен ал биобибл. сөздүк же көрсөткүч катарында даярдалат. Б. учурдагы ж-а өткөндөгү деп бөлүнөт. Биринчисине жыл сайын чыгарылуучу, өткөндөгүсүнө Б-га алда канча узак убакытты камтыган сөздүк, справочниктер кирет. СССРде 1938-жылдан илимдин ар бир тармактары б-ча коомдун көрүнүктүү ишмерлерине, жазуучуларга арналган Б. өзүнчө серияда чыгарылып турат. 1950—60-жылдары СССР элдеринин улуттук Б-сы жаралды («Советтик Кыргызстандын жазуучулары», «Советтик Өзбекстандын жазуучулары», «Советтик Казакстандын жазуучулары» ж. б.). Балдар ад-ты б-ча өзүнчө Б. түзүлдү («Советтик балдар жазуучулары»; «Казак советтик балдар адабияты»; «Кыргыз балдар адабияты» ж. б.). Персоналдык Б-да К. Маркс, Ф. Энгельс ж-а В. И. Лениндин чыг-лары б-ча түзүлгөн справочниктер өзгөчө орунду ээлейт, к. *Библиография*.

БИОВЕТИН (Biovetinum) — хлоркальцийлүү биомицин тузу. 1 г препаратта 25—30% биомицин (250—300 миң бирдик) бар. Б.—кызгылт сары, жашыл сары же күрөң түстүү майда порошок. Сууда эрибейт. Ал организмге биомицин сыяктуу таасир тийгизип, малдын өсүшүн тездетет. Укма диспепсия, ичеги-карын ооруларына, музоо паратифине, музоо м-н торопойдун бронхопневмониясына каршы колдонулат, к. *Антибиотиктер*.

БИОГЕЛЬМИНТТЕР (*био...* ж-а *гельминттер*)— личинка стадиясында ар кандай жаныбарларда (аралык ээси), жетилгенде адамда ж-а малда (акыркы ээси) мителик кылган мите курттардын тобу. Мис., бодонун *тасма курту* адамдын ичеги-карынында мителик кылат, личинкалары (финкалар) бодо малдын булчуң эттеринде өөрчүйт. Финкалары бар чала бышкан этти жеген адам аларды жуктуруп алат. Б-гө тасма, боордун соргуч курту, трихина, аскарида, эхинококк ж. б. кирет. Б-ди сов. гельминтолог К. И. *Скрябин* ачкан.

БИОГЕНДИК МИГРАЦИЯ — микроорганизмдин, өсүмдүктөрдүн ж-а жаныбарлардын катышуусу м-н хим. элементтердин *биосферада* которулуштурулушу, к. *Биогеохимия*.

БИОГЕНДИК ЭЛЕМЕНТТЕР — организмдердин негизги массасын түзүүчү хим. элементтер. Б. э-ди кычкылтек (организм массасынын 70%), көмүртек (18%), суутек (10%), кальций, азот, калий, фосфор, магний, күкүрт, хлор, натрий, темир түзөт. Аналит. химиянын, спектрдик анализдин жетишкендиктери Б. э-дин тизмесин толуктап, алардын көпчүлүгүнүн биол. маанисин ачууда. Орг. составындагы элементтер ар биринин өзгөчөлүктөрүнө, жашаган чөйрөсүнө, тамактануусуна байланыштуу. Б. э-ди тийиштүү өлчөмдө кабыл албаса, организм оорууга чалдыгат. Мис., богок оорусу сууда, тамак-ашта йоддун аздыгынан, кызылчанын кара так илдети бордун жетишсиздигинен болот.

БИОГЕНЕЗ (*био...* ж-а génesis — пайда болуу)— Жердеги тиричиликтин, тирүү жандыктын жансыз материядан келип чыгышынын натыйжасында пайда болгондугун танган теориялар. Анын негизинде тиричилик түбөлүк, эч качан өзгөрбөйт деген идеалисттик көз караш жатат. Ал көз карашты жактаган Г. Гельмгольц, С. А. Аррениус ж. б. панспермия теориясын чыгарышып, анда тирүү түйүлдүктү метеорит же жарык нурунун басымы м-н алынып келинген деп түшүндүрүүгө аракеттенишкен.

БИОГЕНЕТИКАЛЫК ЗАКОН — табияттагы тирүү организмдин жеке өнүгүш (онтогенез) процессинде биол. түрдүн эвол-сынын (филогенезин) кыска ж-а ылдам кайталанышы. Филогенездин негизги этаптары онтогенезде кайталанат. Мис., адам баласынын эмбриондук өнүгүшү эволюциянын бардык баскычтарын басып өтөт. Б. з-ду 1866-ж. Э. Геккель ачкан. Бирок филогенез м-н онтогенездин өз ара катнашы ж-дөгү проблема Дарвиндин эвол. илиминде кеңири изилденген. Б. з-дун каршылары аны механизм, *витализм* көз карашынан түшүндүрүп, аны биротоло танууга чейин барышкан. Ал эми дарвинчилер Б. з-дун мазмунун тереңдетип, анын кээ бир өксүк жактарын түзөтүүгө аракет кылышкан. А. Н. Северцовдун филэмбриогенез теориясында гана Б. з. чыныгы ил. түшүнүк алган. Жаңы эмбриондук өнүгүш стадиясы мурунку эвол. процесстеги эмбриогенез стадиясына кошумча (анаболия) катары келип чыккан деп түшүндүргөн. Өсүмдүктөргө тиешелүү Б. з-дорду сов. илимпоз Б. М. Козо-Полянский (1937) аныктаган. Сов. илимпоз И. И. Шмальгаузендин концепциясы организмдин өнүгүү тарыхын анын жекече өнүгүшү м-н кошо карайт. Бул болсо Б. з-ду тереңирээк билүүгө түрткү берген. Эмбриологияда, салыштырмалуу анатомияда ж-а палеонтологияда эвол. изилдөөлөр үчүн Б. з-дун мааниси зор. Б. з. жөнөкөйдөн татаалга карай сапаттуу өнүгүү закондорунун ж-а эвол. теориянын табигый-ил. негизи бар экенин ырастады. Бурж. психологдор Б. з-дун маанисин жеке адамдын психикалык өнүгүш процессине колдонууну сунуш кылышкан. Бул — коомдук кубулушту биол. закондордун таасири м-н түшүндүрүүгө жасаган далилсиз мех. аракеттердин бир көрүнүшү.

БИОГЕОГРАФИЯ (*био...* ж-а *география*)— ар түрдүү *биоценоздордун*, жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн, микроорганизмдердин жер бетине бөлүнүү ж-а таралуу закон ченемдери ж-дөгү илим. Б-нын организмдердин (микроорганизмдер, жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр) географиясы, жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн (фитоценоз ж-а зооценоз) географиясы деген тармактары бар.

БИОГЕОХИМИЯ — *геохимиянын биосферада* организмдердин катышуусу м-н болуучу процесстерди изилдей турган бир бөлүгү. Б. организмдердин хим. составын ж-а хим. элементтердин жер бетине таралыш, топтолуш процесстерине тирүү заттардын катышуусун изилдейт. Организмдер жашоо тиричилигинде түрлүү хим. элементтерди боюна сиңирет, кийин алар ажырап, бөлүнүп чыгат да, бир жерге чогулат же чачырап кетет. Б. процесстеринин өөрчүшүнө организмдердин көбөйүү ылдамдыгы чоң мааниге ээ. Бул өзгөчө жөнөкөй түзүлүштөгү өтө тез көбөйө турган организмдерге — бактерияларга, козу карындарга, балырларга тиешелүү. Тирүү организмдин составына бизге белгилүү хим. элементтердин дээрлик баары ж-а алардын изотоптору кирет. Бирок кайсы гана организм болбосун, анын орчундуу массасын биосфера шартында оңой эриген ж-а кыймылга жеңил келе турган кошундуларды пайда кылуучу белгилүү гана хим. элементтер түзөт. Аларга CO_2, NH_3 сыяктуу газдар, суу ж-а H^+, OH^-, NO_3^-, SO_4^{2-}, PO_4^{3-}, Na^+, K^+, Ca^{2+}, Mq^{2+} иондору, о. эле жог. кычкылдуу комплекстүү иондорду пайда кылуучу оор металлдар кирет. Көбүнчө организмдердин тиги же бу түрү белгилүү гана хим. элементтерди өзүнө топтойт, б. а. организмдердин хим. составы белгилүү бир түр үчүн мүнөздүү белги болуп саналат. Ошентип, организмдер ар кандай хим. элементтердин биогендик миграциясына түз же кыйыр түрдө катышып, геохим. милдет аткарат. Б-лык изилдөөлөр негизинен өсүмдүктөрдүн же кыртыштын составындагы белгилүү хим. элементти аныктоо жолу м-н руда кендерин издөө, о. эле өсүмдүктүн, жаныбардын, кишинин организминдеги кээ бир хим. элементтин ашыкча болушунан келип чыккан оорулардын себебин билүү үчүн жүргүзүлөт.

Ад.: Вернадский В. И., Химическое строение биосферы Земли и её окружения, М., 1965; Виноградов А. П., Биогеохимические провинции, М.—Л., 1949.

БИОГЕОЦЕНОЗ (*био...*, *гео...* ж-а гр. koinós — жалпы)— зат алмашуусу ж-а энергиялары өз ара байланышкан, шарттары туура келген жандуу ж-а жансыз компоненттердин жыйындысы. Тирүү компоненттери: автотрофтук (фотосинтездөөчү өсүмдүктөр, хемосинтездөөчү микроорганизмдер) ж-а гетеротрофтук (жаныбарлар, козу карындар, бактериялар, вирустар) организмдер; жансыздары: газ ж-а жылуулук ресурстары м-н атмосферанын жерге жакын катмары, күн энергиясы ж-а суу минералдары м-н жер кыртышы. Б-дун *заттардын жаратылыштагы айланышында* чоң мааниси бар.

...БИОЗ (гр. bios — өмүр)—татаал сөздөргө жалганып, ага өмүр ж-а ага байланыштуу процесстерди туюндурган түшүнүк киргизүүчү бөлүк (мис., *анабиоз, парабиоз*).

БИОЗОНА (*био...* ж-а *зона*)— ташка айланган байыркы организмдердин белгилүү бир системалуу тобунун (түр, уруу, тукум) калдыктары м-н мүнөздөлүүчү тоо тек катмарлары. Терминди 1902-ж. англ. геолог С. Бакмен сунуш кылган.

БИОЛОГИЯ (*био...* ж-а *...логия*)— тиричилик ж-а организмдер ж-дөгү илим. Б. тирүү жаратылыш ж-дөгү илимдердин жыйындысы болуп, тиричиликтин бардык кубулуштарын, жандыктардын түзүлүшүн ж-а функциясын, таркалышын, келип чыгышын, өөрчүшүн, бир бири м-н ж-а жансыз табигат м-н байланышын изилдейт ж-а үйрөтөт. «Б.» терминин 1802-ж. француз илимпозу Ж. Б. Ламарк ж-а немец илимпозу Г. Р. Тревиранус сунуш кылган. Б-нын негизги максаты: тирүү заттардын, тиричиликтин, субстраттын өзгөчөлүгүн аныктоо, Жердеги өсүмдүктөр м-н жаныбарлардан турган байлыкты тейлөө, ар түрдүү тиричилик формаларынын пайда болуу ж-а өөрчүү закон ченемдерин үйрөнүү, тирүү жаратылышты адамдын эркине жараша кайрадан куруу. Ф. Энгельс «Табияттын диалектикасы» деген эмгегинде Б-ны «белоктордун химиясы» деп атаган. Тиричиликтин татаал көрүнүштөрү ж-а кубулуштары ар түрдүү шарттарда Б-нын алдына ар кандай максаттарды коюп, аны жаңы биол. объекттерди изилдөөгө түрттү. Табияттагы тиричилик ж-дө илим кеңейип отуруп, анын жаңы тармактарын пайда кылды.

Б. *ботаника* ж-а *зоология* илимдерине бөлүнөт. Ар бир организм өзүнө мүнөздүү сырткы түзүлүшү ж-а тиричилигинин ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Алардын түзүлүшүн ж-а формасын морфология үйрөтсө, функциясынын закон ченемин физиология илими изилдейт. Өсүмдүктөрдүн **морфологиясы** — өсүмдүктөрдүн формаларын, пайда болуу процессин, сырткы түзүлүшүн; өсүмдүктөрдүн **анатомиясы** — өсүмдүктөрдүн микроскопиялык ички түзүлүшүн; **адамдын** ж-а **жаныбарлардын анатомиясы** — жаныбарлардын, адамдардын түзүлүшүн, формасын; **жаныбарлардын салыштырма анатомиясы** — ар түрдүү типке кирген жаныбарлардын органдарынын системасын бири бирине салыштырып карайт; **гистология** — жаныбарлардын, адамдардын ткань түзүлүшүн; *эмбриология*—түйүлдүктүн өөрчүшүн; *цитология*—жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн клеткасын; **палеонтология** тукум курут болгон организмдердин ж-а өсүмдүктөрдүн калдыктарын изилдейт. Б-ны байыркы заманда өнүктүргөндөр грек илимпоздору Гиппократ, Аристотель, Гален болгон. О. кылымда Б-нын өнүгүшүндө тажик философу *Ибн Сина* (980—1037), өзбек илимпозу аль-Бирунинин (973—1048) аздыр-көптүр кошумчасы бар. 15—18-к. ботан., зоол., анат. ж-а физиол. илимдери өсө баштайт. Анатомиянын ж-а физиологиянын өнүгүшүнө Фабриций (1537—1619) ж-а Фаллопий (1523—63) ж. б. салым киргизген. Швед биологу Карл Линнейдин (1707—78) «Табигаттын систематикасы» (1735) деген эмгегинде өсүмдүктөрдүн ж-а жаныбарлардын түрлөрү классификацияланган. 1839-ж. немец илимпозу Т. Шван микроскоп аркылуу *клеткалык теорияны* ачкан. Ал организмдердин түзүлүшү майда клеткалардан тургандыгын далилдеген. Ч. *Дарвин* «Түрлөрдүн келип чыгышы» (1859) аттуу эмгегинде жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн өзгөрүшүн ж-а жаңы түрлөрдүн келип чыгышын аныктаган. Сов. Б-нын өсүшүнө И. В. *Мичуриндин* окуусу, И. П. *Павловдун* жог. нерв системасынын иши ж-дөгү эмгектери негиз болду. Азыркы учурда электрондук микроскопия, спектрометриялык, оптикалык, биол. структуралардын рентген анализи ж. б. методдор тиричиликтин негизи болгон клеткалардын белокторун изилдөөгө жетишти.

Ад.: Развитие биологии в СССР, М., 1967; Вилли К., Биология, пер. с англ., 5 изд., М., 1968; Шмальгаузен И. И., Факторы эволюции, 2 изд., М., 1968; Левин В. Л., Справочное пособие по библиографии для биологов, М.—Л., 1960.

БИОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ Кыргыз ССР ИАнын — биол. илимдери б-ча комплекстүү изилдөө жүргүзүүчү ил. из. мекемеси. 1943-ж. СССР ИАнын Кырг-ндагы филиалында уюшулган. Анда 8 лаборатория ж-а ботан. бак болгон. Кыргыз ССР ИА уюшулганда (1954), Б. и. Ботан., Зоол. ж-а Паразитология ин-туна бөлүнүп, 1964-ж. кайра Б. и. деп аталат. Азыр Б. и-нун 4(ботан., зоол., ихтиол., токой) бөлүмү, эки станциясы (Ысык-Көл биол. ж-а Түш. Кырг-ндагы токой-жемиш тажрыйба станциясы), эки тажрыйбалык токой чарбасы (Ак-Суу, Ноокат) бар. **Зоол.** бөлүмүндө а. ч. зыянкечтеринин экологиясы ж-а алар м-н күрөшүү чаралары, малдын бийик тоолуу шарттардагы экологиясын ж-а физиологиясын изилдөө б-ча ил. иштер жүргүзүлөт. **Ботан.** бөлүмүндө өсүмдүктөрдү интродукциялоо, байырлаштыруу маселелери изилденет. **Ихтиология** бөлүмү балык өстүрүү, көбөйтүү, коргоо б-ча эксперименттик иштер жүргүзүп, методикалык кеңештер берет. **Токой** бөлүмү Түш. Кырг-ндын жаңгак токоюндагы табигый биогеоценозду изилдөө ж-а чарб. иштер жүргүзүү ыктарын жакшыртуу жагынан иш алып барат. Ин-т уюшулгандан бери илимдин 11 доктору, 100гө жакын кандидаты (1974) даярдалды. Б. и. өзүнүн ил. иштерин СССР ИАнын ж-а союздаш респ-калардын ИАларынын Б. ин-ттары м-н тыгыз байланышта жүргүзөт.

БИОЛОГИЯЛЫК ЖУРНАЛДАР — биологиянын бардык тармактары б-ча ил. эмгектерди ж-а методол. табылга-

ларды жыйынтыктап, пропагандалоочу журналдар. Б. ж. биол. коом ж-а академия пайда болгондон тартып чыга баштаган. Окт. рев-ясынан кийин СССРде мурдагы Б. ж-дын айрымдары калып, айрымдары жаңыдан уюшулду. Айрыкча 1945-жылдан кийин биол. б-ча көп журналдар чыга баштады: «Биофизика», «Биохимия», «Микробиология», «Ботанический журнал», «Генетика», «Журнал общей биологии», «Вестник зоологии», «Известия Академии наук СССР» (серия биологическая), «Гидробиологический журнал», «Журнал эволюционной биохимии и физиологии», «Молекулярная биология», «Палеонтологический журнал», «Радиобиология» ж. б. Булардан башка союздук респ-калардын ИАларында да Б. ж. басылып чыгарылат. Алар биол. илиминин жетишкендиктерин, анын соц. айыл чарбасы м-н байланышын чагылдырып турат.

БИОЛОГИЯЛЫК КИБЕРНЕТИКА, к. *Кибернетика.*

БИОЛОГИЯЛЫК КЫЧКЫЛДАНУУ — тирүү организмде *ферменттердин* таасири м-н жүрүүчү кычкылдануу-калыбына келүү реакцияларынын жыйындысы. Анын негизинде организм кабыл алган орг. зат м-н кычкылтектен акырында суу м-н көмүр кычкыл газы пайда болот. Б. к. — организмде бир нече тепкич м-н өтө турган татаал процесс. Ал ж-дө 2 концепция бар. Биринчисин А. Н. Бах (1897), экинчисин В. И. Палладин (1908) негиздеген. Бул 2 концепция биригип кычкылтекти ж-а суутекти активдештирүү теориясын жаратат. Кычкылдануучу заттардан калыбына келүүчү затка суутек м-н электрондорду өткөзүп берүүчү атайын ташыгычтар: никотинамидадениндинуклеотиддер (НАД), флавин нуклеотиддер, хинондор, цитохромдор ж. б. бар. Б. к. реакциясынын энергиясынан түзүлгөн АТФ бардык биосинтездик реакцияларга активдүү катышат. Анын энергиясынын айрым бөлүгү жылуулук үчүн жумшалса, кээ бири организмдин энергия булагы катарында (негизинен АТФ түрүндө) жыйналат. Зат алмашуунун негизинде пайда болгон ууктургуч заттарды ж-а сырттан кирген ууларды Б. к. кычкылдандыруу жолу м-н зыянсыздандырат.

БИОЛОГИЯЛЫК МЕМБРАНАЛАР — клеткалардын, алардын ичиндеги бүртүкчө, каналча, ыйлаакчалардын беттерин каптап турган эң жука түзүлүштөр. Б. м-дын калыңд. 100 Å ден ашпайт, көбүнчө 3 катмардан турат: ортоңку, калыңд. 35 Å болгон бимолекулалык липиддик ж-а аны 2 жагынан каптаган, ар бири 20 Å калыңдыктагы, белоктук катмар. Б. м-дын кээ биринде липид ж-а белок м-н хим. байланышта болгон бир аз углевод бар. Ал мембрананын сырткы бетинде жайгашкан. Клеткадагы зат алмашуу процесстери, заттарды бир жерден экинчи жерге ташуу, энергиянын бир түрүн экинчи түрүнө айландыруу, нерв импульстарын пайда кылуу, фагоцитоз ж-а пиноцитоз Б. м-дын катышуулары м-н гана ишке ашат.

БИОЛОГИЯЛЫК ОБОЧОЛОНУУ — бир түрдүн өзүнчө жашаган топторго ажыроо процесси. Б. о. популяциялардын өзүнчө жашаган топторунун өз ара аргындашуусунун токтолушунан келип чыгат. Бул экологиялык шарттардын өзгөрүшүнө байланыштуу. Организмдердин сырткы чөйрөнүн шарттарына ыңгайланышы, өзүнчө ажыраган экотиптердин, расанын, түрчөнүн ар түрдүүлүгүн пайда кылат. Мис., Ысык-Көлдөгү алабуга балыгынын 2 түрү (кышкы ж-а жайкы) бар. Кышкы алабуга апрелде уругун көлгө, жайкы алабуга июлдан баштап агын суугa таштайт.

БИОЛОГИЯЛЫК СТАНЦИЯЛАР — өсүмдүктөрдү ж-а жаныбарларды табигый шартта стационардык изилдөөчү ж-а аларга ил. эксперимент жүргүзүүчү ил. из. мекемелери. Б. с. турмушта чоң мааниси бар маселелерди (байырлаштыруу, балык өстүрүү, балык уулоо, дың жерлерди өздөштүрүү, табигый комплекстердин биол. азыктуулугун жогорулатуу ж. б.) чечүүгө байланыштуу проблемаларды иштеп чыгат. Б. с. табигый шарты ар башка (деңиз, талаа, бийик тоо, тропик, Арктика ж. б.) аймактарга курулат. СССРдин, союздук респ-калардын ИАларынын ж-а ири ун-ттердин Б. с. (мис., СССР ИАнын Мурманскиде, Армян ССР ИАнын Севан көлүндө, Кыргыз ССР ИАнын Ысык-Көлдө) бар. Б. с-да ил. из. иштеринен башка жог. окуу жайларынын студенттери жайкы окууну ж-а өндүрүштүк практикаларды өткөрөт.

БИОЛОГИЯЛЫК ЦИКЛДЕР — организмдердин биргелешип жашоосундагы (популяцияларда, биоценоздордо) биол. кубулуштардын ритмдүү кайталанышы. Б. ц. бардык ритмдүү кайталануучу биол. кубулуштарды камтыган жалпы түшүнүккө — биол. ритмге кирет. Б. ц. суткалык, мезгилдик (жылдык) же көп жылдык болушу ыктымал. С у т к а л ы к Б. ц. сутка ичинде жаныбарлардын физиол. кубулуш, жүрүш-турушунун закон ченеминин өзгөрүшүн мүнөздөйт. Жаныбарлардын гормондорунун жардамы м-н жөнгө салынып турган зат алмашуунун өзгөрүүлөрү м е з г и л д и к Б. ц-дин негизин түзөт.

БИОЛЮМИНЕСЦЕНЦИЯ *(био... ж-а люминесценция)* — тиричилик процесстерине байланыштуу организмдердин байкаларлык жарык чыгаруусу. Б. көптөгөн бактерияларда, жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктөрдө, кай бир омурткасыздарда, балыктарда бар. Айрыкча океан, деңиздерде жашоочу организмдерде көп таралган. Б-нын биол. мааниси ар түрдүү. Тереңде жашоочу балыктар жарыгы м-н жемди өзүнө жакындатса, кээ жаныбарлар жаркыраган суюктукту чачуу м-н жырткычтардан сактанат.

БИОМАССА *(био... ж-а масса)* — жердеги же суу түбүндөгү бир бөлүккө (бирдикке) туура келүүчү, бир түргө кирген жандыктардын жалпы масасы же түрлөрдүн бүтүндөй топтору. Ал өсүмдүктөрдө — ф и т о м а с с а, жаныбарларда з о о м а с с а деп аталат. Б. кургак же нымдуу заттын массасында ($г/м^2$, $кг/га$, $г/м^3$ ж. б.) же анын пропорциялуу бирдиктери м-н (көмүртектин массасы же азот, орг. заттын телосу ж. б.) туюнтулат. Ар кандай организм топторунун Б-сынын көлөмү агын сууларда, көлдөрдө ар түрдүү болот. Б-нын аз же көп болушу өсүмдүктөрдүн ж-а жаныбарлардын түрлөрүнө, айлана-чөйрөнүн шарттарына байланыштуу. Деңиздин түбүндө жашаган жаныбарлардын Б-сынын көлөмү эң чоң. Континент сууларындагы ж-а деңиздериндеги Б-нын көпчүлүгү — кармалуучу балыктар үчүн баалуу тамак. Азыр көп илимпоздор жер үстүндөгү Б-нын изилдөө камын көрүүдө. Техниканын өнүгүшүнөн азайып бара жаткан Б-нын көлөмүн көбөйтүү — биол. илиминин маанилүү милдети.

БИОМЕТРИЯ *(био... ж-а ...метрия)* — биологиянын матем. статистика методу аркылуу сандык эксперименттердин, байкоонун жыйынтыктарын пландап, иштеп чыгуучу бир бөлүгү. Б. генетика, селекция, систематика ж-а мед. илимдеринде колдонулат. Организмдердин өсүп, өзгөрүп турууу белгилерин, б. а. өз маанисин өзгөрткөн белгилерин Б. аркылуу билүүгө болот. Биол. объектилерди үйрөнүү үчүн Б-да вариациялык статистиканын методу колдонулат. Бул методдордун жардамы м-н вариациялык белгилердин орт. маанилүүлүгүн эсептеп чыгарат, тең селүү ж-а чайпалуу көлөмүн, анын багытын, о. эле статистикалык тууралыгын аныктайт. Б-лык методдор малдын ар кандай топторун мүнөздөй турган белгилерди: породаны, баданы, генерациянын, багытты, малдын түркүмүн, эксперименттик топторду ж. б. үйрөнүүгө мүмкүндүк берет.

БИОМЕХАНИКА *(био... ж-а механика)* — биофиз. илиминин тирүү ткандардын, органдардын же бүтүндөй организмдин мех. касиети ж-а аларда болуучу мех. кубулуштарды изилдөөчү бөлүгү. 20-к-дын ортосунда Б. б-ча изилдөө иштери кеңири жүргүзүлө баштады. Дем алуу аппараттарынын, кан айлануунун ж-а кыймыл-аракеттин Б-лары бар. Б-лык изилдөөлөрдө көбүнчө оптикалык методдор колдонулат. Ал изилдөөлөрдү итал. илимпоз *Леонардо да Винчи* баштаган. Эмгек м-н спорт физиологиясында, аскердик ж-а клиникалык медицинада, асыресе неврологияда, ортопедияда, травматологияда, протез жасоодо, өпкө м-н жүрөктүн ай-

рым ооруларын аныктоодо Б-нын ролу чоң.

БИОНИКА (гр. bion — жашоо элементи) — биология м-н техниканын ортосундагы ж-а тирүү организмдин структурасы м-н кыймыл-аракетин анализдөөнүн негизинде инж. маселелерди чечүүчү илим. Б. биол., физ., химия, кибернет. ж-а электроника, навигация, байланыш ж. у. с. инженердик илимдер м-н тыгыз байланыштуу. 1960-ж. Дайтондо (АКШ) өткөрүлгөн симпозиумда Б. жаңы илим катары кабыл алынган. Б. б-ча жүргүзүлүп жаткан иштердин негизги багыттары төмөнкү проблемаларды камтыйт: эсептөө техникасын жакшыртуу ж-а *автоматика* м-н *телемеханиканын* жаңы элементтерин, түзүлүштөрүн иштеп чыгуу ж-а өркүндөтүү максатында адамдын ж-а жаныбарлардын нерв системасын изилдөө, нерв клеткаларын (нейрондорду) ж-а нейрон торлорун моделдөө; жаңы билдиргичтерди ж-а байкоо системаларын иштеп чыгуу максатында жандуу организмдердин сезүү органдарын ж. б. кабыл алуучу системаларын изилдөө; техникада колдонуу үчүн ар түрдүү жаныбарлардын багыт табуу, локация ж-а навигация принциптерин үйрөнүү; тех. ж-а ил. жаңы идеяларды табуу максатында жандуу организмдердин морфол., физиол., биохим. өзгөчөлүктөрүн изилдөө. Нерв системасынын иштөө ж-а жандуу организмдердеги башкаруу процесстеринин өзгөчөлүктөрү нерв клеткаларынын структуралык өзгөчөлүктөрү м-н аныкталат. Ушунун негизинде Б-нын өнүгүшү нейрондордун тех. моделдерин түзүүдөн башталып, радиоэлектрондук элементтерден «нерв тармактары» пайда болду. Эсти ж-а нерв системасынын башка касиеттерин изилдөө татаал өндүрүштүк процесстерди ж-а башкарууну автоматташтыруучу, «ойлонуучу» кибернет. машиналарды түзүүгө алып келди. Организмдердин информ. системаларын: көпөлөктөрдүн «антенналарын», балыктардын ж-а суудагы сүт эмүүчүлөрдүн ультра үн байланышын, суу жаныбарларынын багыт табышын, аарылардын «тилин», жарганаттардын ультра үн локациясын ж. б. изилдөө Б-да чоң орунду ээлейт.

Ад.: К р а й з м е р Л. П., С о ч и в к о В. П., Бионика, 2 изд., М., 1968; Б р а й н е с С. Н., С в е ч и н с к и й В. Б., Проблемы нейрокибернетики и нейробионики, М., 1968.

БИОПОЛИМЕРЛЕР — бардык тирүү организмдердин структуралык негизин түзүүчү ж-а алардын жашоо тиричилигинде белгилүү роль аткаруучу жаратылыштагы жог. молекулалуу бирикмелер. Б-гө белоктор, нуклеин к-талары, полисахариддер, гликопротеиддер, липопротеиддер, гликолипиддер ж. б. кирет. Нуклеин к-талары клеткаларда генет., белоктор бир катар башкы функцияларды, полисахариддер структуралык, резервдик ж. б. иштерди аткарат. Булчуң белокторy хим. энергияны мех. ишке айландырып, организмдин кыймыл-аракетин камсыз кылат. Б-ди изилдөө методдоруна рентген-структуралык анализ, электрондук микроскопия ж. б. кирет.

БИОПСИЯ *(био... ж-а гр. opsis — түр. көрүнүш)* — ооруну аныктоо максатында организмдеги дартка чалдыккан ткандан кесип, микроскопто текшерүү. Б. оорунун атын ж-а ткандын дартка чалдыгуусунун чегин аныктоого мүмкүндүк берет. Мис., шишиктердин коркунучтуу түрлөрүн (рак, саркома) изилдеп тактоодо мааниси зор.

БИО-САВАР ЗАКОНУ — электр тогу пайда кылган магнит талаасынын чыңалышын аныктоочу закон. Б.-С. з. төмөнкүчө: *I* ток күчү өтүүчү өткөргүчтүн Δl элементинен *r* аралыкта турган *M* чекитиндеги магнит талаасынын чыңалышын $\Delta H = k\frac{I\Delta l\sin\Theta}{r^2}$ Θ — өткөргүчтөгү ток багыты м-н *M* чекитке жүргүзүлгөн радиус-вектор *r* дин ортосундагы бурч, *k* — пропорциялуулук коэффициент. Бул законду француз физиктери Ж. Б. Био ж-а Ф. Савар ачкан (1820).

БИОСИНТЕЗ *(био... ж-а синтез)*, б и о к а т а л и з а т о р л о р — ферменттердин таасири м-н организмде жөнөкөй орг. заттардын пайда болуу процесси. Б. — зат алмашуунун бир бөлүгү. Бул процесс клеткаларда ферменттердин, аденозинтрифосфор, нуклеин к-таларынын (белокту синтездөө), атайын дүүлүктүргүч биол. активдүү заттардын, микроэлементтердин ж. б. зарыл компоненттердин катышуусу м-н чөйрөнүн белгилүү бир шартында өтөт. Б. организмде аминокислота, углевод, май ж. б. орг. заттарды пайда кылат.

БИОСТРАТИГРАФИЯ *(био... ж-а стратиграфия)* — стратиграфиянын бир тармагы. Ал ар кайсы жердеги окшош катмарлардын салыштырма жашын ж-а алардын өз ара байланышын аныктоо максатында чөкмө тоо тектердеги организмдердин ташка айланган калдыктарынын таралышын изилдейт. Анын негизги милдети — тоо тек катмарларынын салыштырма жашынын шкаласын иштеп чыгуу. Организмдердин өнүгүп-өөрчүшү, алардын бир түрү экинчи түрү м-н ар кайсы геол. доордо алмашуусу белгилүү закон ченем м-н жүрүп, чөйрөнүн өзгөрүшүнө байланыштуу болот. Ошондуктан организмдердин калдыктарын ж-а ошо калдыктардын таралышын изилдөө аркылуу тоо тек катмарларынын геол. салыштырма жашы аныкталат. Катмарларды биозоналарга бөлүүдө аз жашаган, бирок өтө көп жолуккан ж-а чоң аянтка таралган организмдердин, планктондордун ж-а өсүмдүк споралары м-н алардын чаңдыктарынын калдыктары чоң мааниге ээ.

Ад.: С т е п а н о в Д. Д., Принципы и методы биостратиграфических исследований, Л., 1958.

БИОСТУК ФАКТОРЛОР — организмге башка организмдердин тиричилик аракеттери аркылуу тийген таасирлердин жыйындысы. Б. ф. чөйрөнүн абиостук факторлорунан тирүү организмдердин ар кандай түрлөрүнүн бири бирине өз ара таасир эткендиги м-н айырмаланат. Мис., жаныбарлардын дем алуусуна зарыл болгон кычкылтекти өсүмдүктөр бөлүп чыгарса, фотосинтез процессине керек болгон көмүр кычкыл газы негизинен жаныбарлардын дем алуусунан бөлүнүп чыгат. Б. ф-дун таасири түздөн-түз эле болбостон кыйыр түрдө да болот, бул бизди курчап турган жаратылышта болгон өзгөрүүлөрдөн байкалат (мис., бактериянын таасиринен топурактын составынын өзгөрүшү ж. б.).

БИОСФЕРА *(био... ж-а сфера)* — Жердин организмдер жайланышкан катмары. Б-га атмосферанын төмөнкү катмары (тропосфера), жердин суу каптаган бөлүгү (гидросфера), литосферанын үстүңкү катмары кирет. Деңиз ж-а океандарда организмдер 10 *км* ден ашык тереңдикке чейин учурайт. Б. башка геосфераларга салыштырганда өтө жаш. Организмдер өсүп-өөрчүп, көбөйүп, жаңы аймактарга таралып, Б-ны түзөт. Кен байлыктардын 90% Б-дан алынат. Б. ж-дө В. И. *Вернадский* сыпаттап жазган, к. *Жер.*

БИОТА (Biota) — арчалар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бийикт. 8—10 *м*. Кооз шагынын формасы пирамидадай, ийне жалбырактуу, тобурчагы жумуртка сымал. Б. илдеттерге туруктуу, топурак тандабай бардык шарттарда өсөт. Жер бетинде 1 гана түрү — B. orientalis бар. Борб. Азияда, Бат. Кытайда кездешет. 19-к-дын башында Украинага алынып келинген. Бийик ж-а жапыз өсүүчү формалары Крым, Украина, Каз-ндын *ботаникалык бактарында* өстүрүлүп жатат. Кырг-нда Б. кооздук ж-а жашыл тосмолор үчүн өстүрүлөт.

БИОТЕЛЕМЕТРИЯ *(био..., теле... ж-а ...метрия)*, б и о л о г и я л ы к т е л е м е т р и я — биол. кубулуштарды ж-а көрсөткүчтөрдү белгилүү бир аралыктан изилдөө ж-а өлчөө жолу. Б. аркылуу жаныбарлардын, айрыкча канаттуулардын бир жерден 2-жерге которулушун каттап, организмдеги физиол. өзгөрүүлөр (дем алуу, кан басымы, биоэлектрдик, биоэнергет. кубулуштар, нерв системаларынын иштеши ж. б.) алыстан туруп изилденет. Б. жаныбарлардын, адамдын ички органдарына радиокапсулду жайгаштыруу аркылуу алардагы процесстердин жүрүшүн да изилдөөгө мүмкүндүк берет.

БИОТЕХНИЯ *(био... ж-а гр. téchnē — өнөр, устаттык)* — пайдалуу жаныбарларды ж-а алардын продуктуулугун көбөйтүүгө багытталган чаралар

жыйындысы. Б. СССРде 20-к-дын 30-жылдары пайда болуп, ачылык айбанаттарын сактоо ж-а өстүрүү ишин жолго коюуга көмөктөш болгон. Жаратылышты коргоону уюштуруп, Б. чаралэрын жүргүзүү Россияда революцияга чейин тукум курут болуп бараткан баалуу айбанаттарды, канаттууларды ж-а балыктарды кайтадан көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. СССРде Б-ның ил. проблемаларын иштеп чыгып, аларды жүзөгө ашыруруда Бүткүл союздук ачылык ж-а айбанаттар ил. из. ин-ту сыяктуу ил. мекемелер көп иш жүргүзүүдө.

БИОТИТ (франц. илимпоз Ж. Б. Бионун ысмынан) — слюдалар тобундагы минерал. Хим. формуласы $K(Mg, Fe)_3 AlSi_3O_{10}(OH, F)_2$. *Моноклин системасында* кристалдданат. Өңү кара, кара күрөң, кочкул жашыл, коңур күрөң. Катуулугу *Моос шкаласы* 6-ча 2,5—3. Салыштыр. салм. 2,7—3,3. Тоо тектерди түзүүчү минерал претинде ар түрдүү магмалык ж-а метаморфизм тоо тектердин составында болот. Б. электр техникасында ж-а боёк жасоодо колдонулат, к. *Слюдалар*.

БИОТӨП (*био...* ж-а гр. tópos — орун, жер) — жер бетинин *биоценоз* өзөгөн чөйрөсүнүн абиостук шарты (рельефи, жер кыртышы, климаты ж. б.) бир типтүү болгон бөлүгү. Б-ко мүнөздүү шарттардын ар кандай жыйындысы организмдердин түрдүү составын ж-а алардын жашоо өзгөчөлүгүн аныктайт, бирок ал өз кезегинде биоценоздун таасири м-н өзгөрүп турат.

БИОФИЗИКА, биологиялык физика — организмде өтүүчү физ. ж-а физ.-хим. процесстерди, организмдердин ультра-түзүлүшүн изилдөөчү илим. Азыркы Б-ның негизги тармактары: молекулалык Б.— организмди түзгөн макромолекулалардын жана алардын комплекстеринин физ. ж-а физ.-хим. касиеттерин, аларда өтүүчү процесстердин өз ара таасирлерин, клеткалык Б.— клетканын функциясынын физ.-хим. негизин, мембраналар м-н клеткалык органеллдердин түзүлүшүнүн ж-а функцияларынын байланыштарын, клеткада өтүү процесстердин энергетика м-н термодинамикасын, мех. ж-а электрдик касиетин изилдейт. Башкаруу ж-а тезге салуу процесстеринин Б-сы организмдеги башкаруу системаларынын ички байланыштарын изилдейт ж-а моделдейт, алардын физ. негизин аныктайт. Булардан тышкары Б. физ. факторлордун, иондоштуруучу нурлануунун организмге тийгизген таасирин изилдөөнү, сезүү органдарынын ишин физ. анализдөөнү ж. б. да өзүнө камтыйт.

БИОФИЛЬ ЭЛЕМЕНТТЕРИ — *биосферадагы* тирүү организмдердин составында кездешүүчү хим. элементтер. Аларга C, O, H, N, S, P, Fe сыяктуу 70ке жакын элемент кирип, организмдердин жашоо тиричилиги үчүн чоң роль ойнойт.

БИОХИМИЯ, биологиялык химия — организмдин хим. составын, түзүлүшүн, алардын тиричилигиндеги *зат алмашууну* изилдөөчү илим. Изилдөө объектисине жараша жаныбарлардын, адамдын, өсүмдүктөрдүн ж-а микробдордун ж. б. Б-сы болуп бөлүнөт. Клеткага ж-а жаныбарлардын ткандарына же өсүмдүктөргө, микробдорго жүргүзүлгөн изилдөөлөр бирин бири өз ара толуктап, байытат. Б. б-ча изилдөөлөрдүн багыттары өз ара бекем байланышта. Ал статикалык (организмдин составын анализдөө), динамикалык (заттардын айлануусун үйрөнүү) ж-а функциялык (тиричиликтин түрдүүчө билинишинде кайсы хим. процесс жаткандыгын аныктоочу) болуп бөлүнөт.

Адам баласы илгертен бери эле кээ бир өсүмдүктөрдү тамак-аш ж-а дары катары колдонуп келген. Байыркы Египетте өсүмдүктөрдөн кант, эфир майын ж-а ар түрдүү дарылар алынган. 18—19-к-да *ассимиляция*, дем алуу ж-а ачытуу процесстеринин ачылышы, орг. заттардын синтезделиши Б-ның өнүгүшүнө түртүк берди. Немец илимпоз Ф. Вёлер мочевинаны (1828), орус илимпоздору Н. Н. *Зинин анилинди* (1842), А. М. *Бутлеров* углеводду (1861) синтездеген. Кийин Б. изотоптук индикаторлор, кагазга *хроматографияны* түшүрүү, спектографиялык, ультрацентрифугирлөө ж-а электрофорез ж. б. жаңы методдор м-н байыды. Бул методдор организмдин составындагы хим. заттарды так билүүгө, зат алмашуу процессинде хим. айлануулардын пайда болушун терең үйрөнүүгө шарт түздү. Б. тиричилик процессинде органдар м-н ткандарда белоктордун алмашууларын, алардын ажырап кетишинен *ферменттердин, гормондордун* түзүлүшүн, организмдердин бирдиктүүлүгүн изилдейт. Б. *витаминдердин* хим. түзүлүштөрүн, организмге тийгизген таасирин, ферменттердин составындагы ордун аныктады.

Ад.: Кретович В. Л., Основы биохимии растений, 4 изд., М., 1964; Ферман Д. Л., Биохимия, 3 изд., М., 1966; Спирин А. С., Гаврилова Л. П., Рибосома, М., 1968.

БИОХИМИЯ ЖАНА ФИЗИОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ Кыргыз ССР ИАнын—биохимия илимдери б-ча изилдөөлөр жүргүзүүчү ил. из. мекеме. 1964-ж. Кыргыз ССР ИАнын алдында уюшулган. Анда 8 лаборатория бар. Ин-тта а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн, малдын продуктуулугун жогорулатуу жолдору, алардын физиол., био-хим., генет. негиздери ж-а жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн организминдеги зат алмашуу процесстин башкаруу методдору б-ча ил. иштер жүргүзүлөт. Азыр ин-т малдын илдеттерин дарылоо ж-а алардын биохим., физиол. өзгөчөлүктөрүн изилдөө, тоют өсүмдүктөрүнүн биохим., хим. касиетин аныктоо, *вирусология* б-ча эксперименттер өткөрүү, илимге жаңы токтоолор киргизүү багытында иштейт. Ин-т уюшулгандан бери илимдин 7 доктору ж-а 33 кандидаты (1974) даярдалды. Ин-т эл чарбасына киргизген баалуу иштери үчүн 1967-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

БИОЦЕНОЗ (*био...* ж-а гр. koinós — жалпы) — өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын ж-а микроорганизмдердин жашоо үчүн жайланышкан кургактыктын же көлмөнүн бир участогу ж-а алардын өз ара катнашы, о. эле *абиостук факторлор* м-н болгон белгилүү катнаштарынын бирикмелери (к. *Биотоп*). Б. терминин немец биологу К. Мёбиус киргизген (1877). Б.— *биогеоценоздорду* түзүүчү организмдер. Алардын тиричилик үчүн күрөшү табигый-эвол. факторлордун натыйжасында пайда болгон. Б-догу биогендик заттардын айланышындагы катнаштары б-ча организмдер автотрофтуу, гетеротрофтуу ж-а сапрофагдар болуп 3 топко бөлүнөт.

БИОЦЕНОЛОГИЯ (*биоценоз* ж-а *...логия*) — жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр коомдоштугун ж-а алардын жаратылыштагы өз ара байланышын изилдөөчү илим. Алардын составын, түзүлүшүн, жаралышын, чөйрөсүн (биоценозун), өсүп-өнүгүү жолдорун изилдейт. Б. экология ж-а гидробиологиянын негизинде пайда болгон.

БИОЦЕНОМЕТР (*биоценоз* ж-а *...метр*) — жер бетиндеги курт-кумурскаларды ж-а омурткасыз жаныбарларды эсептөө үчүн экологиялык изилдөө иштеринде колдонулуучу прибор. Ал — түбү ачык, капталы ж-а үстүнкү бети майда торчо м-н тартылган цилиндр же куб. Б. м-н 0,25—1 $м^2$ келген аянтча жаныбарлар чыпагандай кылып тез жабылат. Кармаган жаныбарларды эсиңен тандырып, Б-ден алып чыгып группага ж-а түргө бөлүп, таразага тартып, алардын салыштырмалуу санын ж-а салмагын ошол *биотоптун* аянттык бирдиги м-н аныктайт.

БИОЭЛЕКТРДИК ПОТЕНЦИАЛДАР — адамдардын, жаныбарлардын ж-а өсүмдүктөрдүн ткандарында же айрым клеткаларында пайда болуучу электр потенциалдары. Алар дүүлүгүү ж-а тормоздоо процесстеринде катышат. Б. п-ды изилдөө тирүү системалардагы физ.-хим. ж-а физиол. процесстерди билүү үчүн керек ж-а клиникада диагноз коюуда (электр кардиография, электр энцефалография, электромиография ж. б.) колдонулат.

БИПЛАН (*би...* ж-а planum — тегиздик) — кош канаттуу самолёт. Канаттарынын бекем ж-а катуу болгондугунун, маневрдүүлүгүнүн, учуп чыгуу ж-а конуу ылдамдыгынын (100 *км/с* тан аз) аздыгынын натыйжасында Б. 20-к-дын 30-жылдарына чейин, негизинен, үйрөнүү ж-а чалгындоо максаттарында пайдаланылып келген. Кийинки убактарда анын ордуна чоң ылдамдыкта учуучу *моноплан* колдонулуп жатат.

БИР БАРАКТУУ ФУНКЦИЯ — g областынан алынган бир-бирине барабар эмес ар кандай z_1 ж-а z_2 үчүн G областынан алынган $f(z_1)$ ж-а $f(z_2)$ маанилери да бир-бирине барабар болгон, б. а. $z_1 \neq z_2$ болгондо $f(z_1) \neq f(z_2)$ шартты канааттандырган $w=f(z)$ аналитикалык функция. Б. б. ф. g ж-а G областтарын бир-бирине өз ара бир маанилүү чагылтат. Мындан g областында бир маанилүү $w=f(z)$ функциянын $z=\varphi(w)$ тескери функциясы G областында бир маанилүү функция болот деген кортунду келип чыгат.

БИР ЖЫЛДЫК ӨСҮМДҮКТӨР — 1 жылдын ичинде тиричилик циклин бүтүүчү өсүмдүктөр. Буларга сол, төө буурчак, буурчак, зыгыр, буудай, арпа, заргын ж. б. кирет. Алар ысык ж-а кургакчыл р-ндордо кеңири таралган. Арктикада ж-а бийик тоолордо жокко эсе, анткени бул жерлерде алар өөрчүү циклин бүтүрүүгө үлгүрүшпөйт (урук бербейт). Бул абал аталган аймактарда В. ж. ө-дүн жок болушуна же *көп жылдык өсүмдүктөргө* айланышына алып келет. Б. ж. ө. жаздык ж-а күздүк болуп бөлүнөт. Жаздык Б. ж. ө. жазында уруктан өнүп, жаздашуу стадиясын күздүктөргө караганда жогорураак темп-рада кыска мөөнөттө өтүп, урук берет. Күздүк Б. ж. ө. (күздүк буудай, күздүк кара буудай ж. б.) күзүндө эгилип, өнүп, кыштагандан кийинки жайда гана өөрчүү циклин бүтөт, анткени жаздашуу стадиясын өтүш үчүн алар жаздык Б. ж. ө-гө караганда узак убакытка төмөнүрөөк темп-рада болушу керек. Ушул себептүү күздүк Б. ж. ө. жазында эгилсе, кадимкидей өнүп өсөт, жалбырак алат, бирок урук бербейт. Б. ж. ө-дүн кай бири, өзгөчө алардын чөлдөрдө ж-а жарым чөлдөрдө өскөндөрү, тиричилик циклин кыска мөөнөттө (1—2,5 айда) эле бүтөт. Булар *эфемерлер* деп аталат.

«БИР КАДАМ АЛГА, ЭКИ КАДАМ АРТКА (Биздин партиядагы кризис)» — В. И. Ленindин көрүнүктүү эмгеги; меньшевиктердин оппортунизмине каршы күрөшүүгө ж-а революцияны пролет. партиянын уюштуруу принциптерин иштеп чыгууга арналган. Ал 1904-ж. РСДРПнин 2-съездинин токтомдорун, рез-яларын, партиянын борб. органдарынын документтерин сын көз м-н изилдөөнүн ж-а оңдоп чыгуунун негизинде жазылган. Ошол эле жылы май айында Женевада басылган. Ал китеп бир аз кыскартуу м-н кошумча эскертүү киргизилип, 1907-ж. «12 жыл ичинде» деген жыйнакта кайра чыккан. В. И. Ленин РСДРПнин 2-съездиндеги ж-а съезддеп кийинки күрөштүн жүрүшүнө кеңири талдоо жасап, партияның большевиктер м-н меньшевиктерге болүнүшүнүн саясий маанисин, большевизмдин уюштуруу негиздерин аныктаган. Өтө көп далилдер аркылуу партиядагы абалды терең талдап көрүп, көпчүлүктү түзгөн большевиктер партиясын рев-чыл рабы, ачылыкты түзгөн меньшевиктер болсо партияны оппортунистик тарабы деп тыянак чыгарган. Съездде партиянын түзүлүшүн, Уставдын кабыл алынышын «бир кадам алга жылыш» деп, ал эми меньшевиктердин ырк бузууга өтүшүн, партияны кризиске учуратканын «эки кадам артка чегинүү» деп баалаган.

Меньшевиктердин оппортунизми эң оболу уюмдаштыруу маселелеринен көрүнгөн: биринчиден, алар партиянын бытыранды болушун жактаган; экинчиден, партиянын жумушчу табынын уюмдашкан отряды катарындагы ролун танууга тырышып, кружковщинаны колдогон; үчүнчүдөн, парт. тартипке, парт. чечимдерге сөзсүз баш ийүүгө каршы чыгышкан. В. И. Ленин демокр. централизм принцибин меньшевиктердин «автономизмине» карама-каршы коюп, о. эле меньшевиктердин уюштуруу маселелердеги оппортунизмин сынга алып, большевиктер партиясынын уюштуруу принциптерин иштеп чыккан. Маркстик партия — жумушчу табынын бир бөлүгү, анын алдыңкы катардагы уюмдашкан отряды. Ревчыл теория м-н, коомдун ж-а тап күрөшүнүн өнүгүү закондору м-н кураланган партия гана жумушчу табына жетекчилик кыла алат, партия демокр. централизмдин негизинде түзүлөт, ал болсо бир уставдын, баары-га бирдей тартиптин, бирдиктүү жетекчи органдын болушун, азчылыктын көпчүлүккө, жеке-жеке уюмдардын борборго, төмөнкү уюмдардын жог. уюмдарга баш ийишин талап кылат. Партия катарынын биримдигин сактоо — ар бир коммунисттин эң башкы милдети. Партия — пролетариаттын тактык уюмунун эң жог. формасы, ал эмгекчилердин башка уюмдарына жетекчилик кылууга тийиш. Партия элдин түзүүчүлүк ишин башкарып, ага уюмдашкандык, план чөнемдүү ил. негизделген мүнөз берет. В. И. Ленин парт. турмуштун нормасы м-н жетекчиликтин коллективдүү принциптерин сөзсүз сактоо, партиянын мүчөлөрүнүн активдүүлүгүн, сыпды ж-а өзүн өзү сыноону ар тараптан өнүктүрүү пролет. партиянын ыйык милдети деп санаган. Аның бул эмгеги рев-чыл күрөштө кубаттуу идеялык курал болду. Большевизмдин уюштуруу негиздери ж-дегү лениндик илим Россиянын ж-а бүткүл дүйнөнүн жумушчу табынын рев-чыл күрөшүнүн тарыхый тажрыйбасын жалпылады. Уюмдун лениндик принциптери партийбыз үчүн (кийинчерээк бүткүл дүйн. коммунисттик кыймыл үчүн да) законго айланды. Ленинизмдин уюштуруу негизине каршы чыгып, Компартиянын ролун төмөндөтүүгө же тануурга тырышын жаткан азыркы кездеги ревизионизмге каршы күрөштө «Бир кадам алга, эки кадам артка» китебинде айтылган идеялар бардык өлкөлөрдүн коммунисттерин куралдандырды.

Ад.: Ленин В. И., Бир кадам алга, эки кадам артка, Чыг., кырг. 1-бас., 7-т.; КПСС... резолюцияларында жана чечимдеринде, 1-бөлүк, Фр., 1954.

БИР КАЗАНДАР (лат. Pelecanidae) — канаттуулар классындагы калак буттуулар түркүмүндөгү куштардын тукуму. Тумшугу узун, анын алдыңкы тумшугунун учунан алкымына чейин чоюлгуч жаргак кончасы бар. Канаты чоң, куйругу кыска, өңү агыш, салм. 12—15 *кг*. Алар деңиздердин, дарыялардын, көлдөрдүн жээктеринде тобу м-н уялайт. Б. к. көбүнчө балыктар м-н азыктанат. Жер шарынын ысык ж-а мелүүн алкактарында 1 уруугу бириккен 8 түрү жашайт. СССРде мала кызыл, тармал түрлөрү Сибирь, Каз-нда, Каспий, Кара деңиздерде көп кездешет. Кырг-ндын Чүй, Ысык-Көл ороондорүндө сейрек учурайт. Б. к-дын териси промыселде колдонулат.

БИР КАЛЫПКА КЕЛБЕГЕН РЕЖИМ (автоматтык жөндөө системасында) — автоматтык жөндөө системасында башкаруучу ж-а жөнделүүчү өзгөрмө чондуктун ортосундагы талап кылган функциялык көз карандылык бузулуп туруучу режим. Таасир убакыттын узгултүксүз ж-а ылдам өзгөрүүчү функциясы болгондо гана режим бузулат. Бул учурда автоматтык жөндөө системасынын динамикалык тактыгын мүнөздөөчү жөнделүүчү өзгөрмө чондуктун эң чоң кыйшаюсу (x максимум) маанисине ээ. Жөнделүүчү чондуктун заматтык эң чоң маанилерин аныктоо кыйын болгондуктан, аның кыйшаюсунун квадраттык же орточо маанисин алынат.

БИР КАЛЫПТА БӨЛҮШТҮРҮҮ, к. *Бөлуштүрүү*.

БИР КАЛЫПТА ЖЫЙНАЛУУЧУЛУК — жыйналуучулуктун негизги жекече учуру. Мүчөлөрү $[a, b]$ сегментинде узгултүксүз болгон $\sum_{n=1}^{\infty} U_n(x)$ функциялык катардын жекече суммаларынан $S_1(x)$, $S_2(x)$..., $S_n(x)$ удаалаштыгын түзөлү. Мында $S_1(x)=U_1(x)$, $S_2(x)=U_1(x)+U_2(x)$, ..., $S_n(x)=\sum_{k=1}^{n} U_k(x)$. Эгерде алдын ала берилген каалаганча кичине ε оң санына гана көз каранды болгон N саны табылып, номерлери $n>N$ болгон мүчөлөр үчүн $|S_n(x)-S(x)|<\varepsilon$ барабарсыздыгы $[a, b]$ дан алынган каалаган x тер үчүн аткарылса, анда функциялык катар $[a, b]$ да бир калыпта жыйналуучу катар деп аталат.

БИР КАЛЫПТАГЫ УЗГУЛТҮКСҮЗ ФУНКЦИЯ — матем. анализдеги маанилүү түшүнүк. Эгер ар кандай ε оң саны үчүн $\delta>0$ саны табылып, сандар көптүгүнөн алынган x_1 ж-а x_2 нин $|x_2-x_1|<\delta$ барабарсыздыгы

гын канааттандырган ар кандай маанилери үчүн $|f(x_2)-f(x_1)|<\varepsilon$ аткарылса, $f(x)$ ошол көптүктө Б. к. ү. ф. деп аталат. Мис., $f(x)=x^2$ [0,1] сегментинде Б. к. ү. ф. $\delta=\frac{\varepsilon}{2}$ деп алсак, $(x_1-x_2)<\frac{\varepsilon}{2}$ болгондо, $|f(x_1)-f(x_2)|=|x_1-x_2|\cdot|x_1+x_2|<\varepsilon$, себеби $0\leqslant x_1\leqslant 1$, $0\leqslant x_2\leqslant 1$ болгондуктан, $|x_1+x_2|<2$. Коп өзгөрүлмөлүү Б. к. ү. ф. да жогорулай эле аныкталат.

БИР КАЛЫПТАГЫ УЗГУЛТУКСУЗДУК, к. *Бир калыптагы үзгүлтүксүз функция.*

БИР КЛЕТКАЛУУ ОРГАНИЗМДЕР— денелери бир клеткадан турган жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр. Булар бүт дүйнөсүнө кирүүчү Б. к. о.— протофиттер, ал эми жаныбарлар дүйнөсүнө кирүүчүлөрү протозоа деп аталат. Б. к. о. бөлүнүү ж-а жыныстык жол (коньюгация) м-н көбөйөт. Аларга *бактериялар, балырлар* м-н *козу карындардын* кээ бирлери, жөнөкөйлөрдүн көпчүлүгү кирет. Булар сууда, топуракта ж-а организмдерде (мителер) жашайт. Жаныбарларда ж-а өсүмдүктөрдө жашагандары аларды жабыркатат.

БИР МААНИЛҮҮ ФУНКЦИЯ — аргументтин ар бир маанисине бир гана маани туура келүүчү функция, мис., $f(x)=x^2$.

БИР МҮЧӨ — элементардык алгебрада каралуучу эң жөнөкөй туюнтма. Бүтүн оң даражадагы бир же бир нече тамгалардын кандайдыр бир сандар м-н болгон көбөйтүндүсү.

БИР ӨЛЧӨЙ МҮЧӨ — бирдей суроолорго жооп берип, сүйлөмдө бирдей милдет аткарып, бири бири м-н байланышкан сүйлөм мүчөлөрү. Ал (бир өлчөй) Б. ө. ээ, Б. ө. баяндооч, Б. ө. аныктооч, Б. ө. толуктооч, Б. ө. бышыктооч деп болунот.

БИР РЕЛЬСТҮҮ ТЕМИР ЖОЛ — жерге төшөлгөн же түркүктөргө бекитилген жалкы рельс б-ча составдар жүрүүчү жол катнашынын системасы. Бул м о н о р е л ь с т ү ү деп аталган жол арзан курулат, жаан-чачынга көз каранды болбойт, ошон үчүн жыгач ташууда, завод-фабрикалардын цехтерин нч ара байланыштырууда колдонулат.

БИР ТЕКТҮҮ КООРДИНАТАЛАР — бардык координаталарды бирдей эле санга көбөйткөндө мурунку аныкталуучу касиеттерин өзгөртпөгөн координаталар. x, y—тегиздиктеги чекиттин аффиндик координаталары болсо, x, y, 1 сандарына пропорциялаш X, Y, Z сандары чекиттин Б. т. к-ынан чексиз алыстыктагы чекиттерди аныктоо үчүн киргизилет, к. *Проективдик геометрия, Координаталар.*

БИР ТЕКТҮҮ ТЕҢДЕМЕ — бардык (же кээ бир) белгисиздерин бирдей эле санга көбөйткөндө өзүнүн башпаткы түрүн өзгөртпөгөн теңдеме. Мис., $xy+yz+xz=0$ теңдеме бардык белгисиздерине карата, $y+ln\frac{x}{z}+5=0$ теңдеме x ж-а z ке карата Б. т. т. Бир тектүү дифференциалдык теңдеме деп аталган $a_0(x)y^{(n)}+a_1(x)y^{(n-1)}+\ldots+a_n(x)y=0$ теңдеме $y, y', \ldots, y^n$ дерге карата бир тектүү. $y'=f(x, y)$ теңдеме каалаган λ үчүн $f(x, y)=f(\lambda x, \lambda y)$ болгондо x ж-а y өзгөрмөлөрго карата бир тектүү дифференциалдык теңдеме деп аталат.

БИР ТЕКТҮҮ ФУНКЦИЯ — бардык аргументтерин бир убакта каалагандай λ санга көбөйткөндө мааниси ошол сандын k — даражасына көбөйткөндөй өзгөрүүчү, б. а. $f(\lambda x, \lambda y, \ldots, \lambda z)=\lambda^k f(x, y, \ldots, z)$ шартты канааттандыруучу функция. k саны бир тектүүлүк көрсөткүчү же Б. т. ф-нын өлчөмү деп аталат. Мис., x^2-2y^2, $\frac{x-y-3z}{x^2+xy+z^2}$, $\sqrt[3]{x^4+5y^4}$ функциялары өлчөмдөрү 2, —1, 4/3 болгон Б. т. ф-лар болушат.

БИР ҮЛҮШТҮҮ ӨСҮМДҮКТӨР (Monocotyledoneae) — уруктарынын түйүлдүгүндө бир гана урук үлүшү болгон өсүмдүктөр. Булар жабык уруктуулар тибинин үлүштүүлөр классын түзөт. Б. ү. ө-дүн *эки үлүштүүлөрдөн* айырмасы алардын башкы тамыры эрте өлүп калгандыктан, тамыр системасы көмөкчү тамырлардан тургандыгында. Жалбырактары көбүнчө жарыш ж-а дого тарамыштуу, сапсыз, сабакка жазы негиздери м-н бекитет, сабактары начар бутактанат; түтүктүү-булалуу боочолору жабык (камбийсиз), алар тартипсиз жайгашат; көпчүлүк Б. ү. ө-дүн сабагы, тамыры камбийсиз болгондуктан, кайра жооноё албайт; гүлдөрү үч мүчөлүү; айрымдарынын гүл коргону жөнөкөй, көбү кайчы чандашып, кээ бири (буудай, арпа, шалы ж. б.) өзүн өзү чандаштырат. Б. ү. ө-дүн 64000ге жакын түрү белгилүү. Алар түн. ж-а жылуу кендиктерде кеңири таралган. Дарак формалары субтропикте, тропикте өсөт. Адамдын тиричилигинде Б. ү. ө-дүн ролу зор. Алар — буудай, кара буудай, арпа, жүгөрү, шалы ж. б. ж-а тоют, тех., декоративдик өсүмдүктөр.

БИР ЖЫЛТЕМ, э к с п р о м т — турмуштук кубулуштар сезимге дароо таасир бергенде же бир ой эске кылт эте түшкөндө, оозеки же жазуу түрүндө шыдыр чыгарылган кыска ыр. Көрүнүктүү орус акындары К. Карамзин, А. Пушкин, М. Лермонтов, Ф. Тютчев, В. Брюсов, В. Маяковскийлер Б. ш-гө көп кайрылышкан. Орус частушкалары да экспромттук мүнөзгө ээ. Б. ш-дер *импровизацияга* жакын келет. Кыргыз поэзиясында Б. ш-дер А. Токомбаев, М. Алыбаев ж-а Б. Сарногоевдин чыг-ларынан кездешет.

БИР-БУЛАК — Аламүдүн р-нундагы Воронцовка сельсоветине караштуу кыштак. 23-партсъезд атн. с-здун айма-гында. Р-ндун борбору Аламүдүндөн 25 *км* түш. тарапта. Фрунзе ш-нан 20 *км*. Калкы 647 (1974).

БИРГЕ ОКУТУУ — эркек ж-а кыз балдарды бир мектепте кошуп окутуу. Б. о. СССРдин бардык мектептеринде ж-а окуу жайларында турмушка ашырылган. Кырг-нда 1917-жылга чейин Б. о. болгон эмес. РСФСР Эл агартуу комиссариатынын 1918-ж. 31-майдагы «Милдеттүү түрдө бирге окутуунун киргизүү» деген токтомуна ылайык Кырг-ндын бардык мектептеринде Б. о. ишн жүргүзүлөт да, 20-жылдардын аягында толук ишке ашырылат. Соц. өлкөлөрдө да Б. о. кеңири жайылтылган. Капит. өлкөлөрдүн көбүндө Б. о. негизинен башталгыч мектептерде жүргүзүлүп, ал эми көпчүлүк учурларда жог. мектептерде *болуп окутуу* кабыл алынган. Анда кыздар эркек балдарга караганда төмөнүрөөк билим алышат.

БИРГЕ ЧӨГҮҮ — чөктүрүү реакциясынын учурунда эритмеде эрип жүргөн кошунду заттардын чөкмө м-н кошо чөгүшү. Мис., Fe ж-а Cu пондору аралашкан эритмеге аммиактын эритмесин кошкондо, $Fe(OH)_3$ чөкмөсү м-н эритмедеги Cu пондорунун бир аз саны кошо чөгөт. Б. ч. беттик *адсорбция*, окклюзия, изоморфизм процесстери аркылуу жүрөт. Эң аз өлчөмдөгү элементтерди коллектордун (жыйнагыч) жардамы м-н бирге чөктүрүп алышат. Коллектор катарында эң аз эрүүчү хим. бирикмелер пайдаланылат. Б. ч. кубулушу түздардын эритмесин аралашма заттардан тазалоодо, радиоактивдүү элементтерди бөлүүдө колдонулат.

БИРДЕЙ БӨЛҮШТҮРҮҮ ЗАКОНУ, к. *Статистикалык физика.*

БИРДЕЙ (СОГЛАСНОЕ) ЖАТУУ, к. *Тоо тектердин жайгашуусу.*

БИРДЕЙЛИК — предметтин, кубулуштун өзүнө өзү тең барабар экенин же бир топ предметтердин бирдейлигин туюндуруучу филос. категория. Б. предметтердин, кубулуштардын салыштырмалуу туруктуулугуна, алардын касиеттеринин объективдүү барабарлыгына негизделген. Метафизика предметтердин Б-гин түбөлүктүү, өзгөрбөс абс. перее деп, ал эми аларда сапаттык өсүү процесси болбойт дейт. Маркстик философия Б. убактылуу, салыштырмалуу перее экенин, ал эми кыймыл (предметтердин өзгөрүүсү) чексиз экенин белгилейт. Предметтин сапаты өзгөргөнгө чейинки олуттуу касиеттери Б-ке шарт түзөт. Б. абстрактуу түшүнүк эмес, ички айырмасы, карама-каршылыгы бар, белгилүү шартка жараша өзгөрүп турган конкреттүү перее. Предметтердин, кубулуштардын Б-ги адамдын дүйнөнү таанып-билүүсү үчүн объективдүү обөлгөлөр түзөт.

БИРДИК — Нарын обл-нын Тогуз-Торо р-ндагы Атай сельсоветине караштуу кыштак. «Бирдик» к-зунун аймагында. Көк-Ийрим суусунун жээгинде. Р-ндун борбору Казармандан 21 *км* бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 431 *км*. Калкы 697 (1974). Башталгыч мектеп, китепкана, медпункт бар.

БИРДИК (м а т е м а т и к а д а) — өлчөнүүчү чоңдуктарды салыштыруунун негизинде кабыл алынган чоңдук. Негизги чоңдуктар үчүн Б. бири бирине көз карандысыз алынат да, алар жог. тактыкта ишке ашырылат. Калган чоңдуктагы Б. негизги Б-тер-ге көз каранды болуп, туунду Б. деп аталат. Алар чен бирдиктер формуласы түрүндө туюнтулат. Негизги ж-а туунду Б-тер *бирдиктер системасын* түзөт. Алар физ. чоңдуктарды өлчөөдө тандалып алынат.

БИРДИКТЕР СИСТЕМАСЫ — физ. чоңдуктарды чөнөө үчүн тандалып алынган негизги ж-а туунду чен бирдиктердин жыйындысы. Так эталон катарында эркин кабыл алынган бирдиктер н е г и з г и бирдиктер деп аталат. Мис., бирдиктердин эл аралык системасында физ. чоңдуктарды чөнөөнүн 6 негизги бирдиги *(м, кг, сек, а, К, шам)* бекитилген. Физ. закондордун матем. жазылышын туюнткан теңдемелерге (формулаларга) негизги бирдиктерди колдонуу м-н алынган бирдиктер т у у н д у деп аталат. Мис., бирдиктердин СГС системасында $F=ma$ формуласына масса м-н ылдамдануунун бул бирдиктеги 1 *г*, 1 *см/сек*^{2} маанилерин койсок, күч бирдиги 1 *дина* алынат. Туунду бирдиктерге *джоуль, ватт, генри, люмен* ж. б. кирет. Колдонулуп жаткан универсалдуу бирдиктердин эл аралык СИ системасына чейин (1963) ар кандай мезгилдерде тандалып алынган негизги бирдиктерине карата Б. с. МКГСС, МКС, МКСА, МТС, СГС ж. б. болуп болүнгөн. О. эле сунуш кылган илимпоздордун атына коюлган Гаусс, Джордж, Хартри бирдиктер системалары түзүлгөн. Андан тышкары табигый, абсолюттук, абсолюттук практикалык системалар бар.

БИРДИКТЕРДИН АБСОЛЮТТУК ПРАКТИКАЛЫК СИСТЕМАСЫ— практикалык электр чөнөөлөрдө колдонулуучу бирдиктер. Абс. электромагниттик СГС системасындагы айрым электрдик бирдиктер өтө кичине же чоң болуп практикалык колдонууга ыңгайсыз болгондуктан, электр б-ча Эл аралык 1-конгрессте (1881) Б. а. п. с. кабыл алынган. Бул системада электр каршылыгынын *(ом)* ж-а потенциалдардын айырмасынын *(вольт)* бирдиктери СГС системасындагы чоңдуктарынан бир нече эселентип *(ом*=10^9 СГС бирдик, *вольт*=10^8 СГС бирдик) алынган. Калган бирдиктер *ампер, кулон, джоуль, ватт* ж. б.— *ом* м-н *вольттун* туунду бирдиктери.

БИРДИКТЕРДИН АБСОЛЮТТУК СИСТЕМАСЫ—физ. чоңдуктарды өлчөөнүн негизги бирдиктери үчүн узундук, масса ж-а убакыттын бирдиктери кабыл алынган система. Бул терминди К. Гаусс илимге 1-киргизип (1832), узундук бирдигине — миллиметр *(мм)*, масса бирдигине—миллиграмм *(мг)* ж-а убакыт бирдигине секунда *(сек)* кабыл алынган. Чындыгында бул 3 бирдиктин жог. алынган маанилери абс. милдетти толук аткара албайт. Ошондуктан азыркы убакытта «Б. а. с.» деген термин эскирип, аз колдонулат.

БИРДИКТЕРДИН СГС СИСТЕМАСЫ—негизги бирдиктери сантиметр *(см)*, грамм *(г)* ж-а *секунда (сек)* болгон физ. чоңдуктарды чөнөө системасы. Бул системанын мех. чөнөөлөрдө көп кездешүүчү тууНду бирдиктери томонкулөр: ылдамдык — *см/сек*, ылдамдануу — *см/сек*^{2}, күч — *дина (дин)*, басым — *дин/см*^{2}, жумуш ж-а энергия — *эрг*, кубаттуулук—*эрг/сек*, динамикалык илээшкектүүлүк—*пуаз (пз)*, кинематикалык илээшкектүүлүк — *сток (ст)*, жыштык — *герц (гц)* ж. б. Б. СГС системасынын негизинде электрдик ж-а магниттик чоңдуктардын ар кандай 7 бирдик системасы түзүлгөн.

БИРДИКТЕРДИН СИ СИСТЕМАСЫ, к. *Бирдиктердин эл аралык системасы.*

БИРДИКТЕРДИН ТАБИГЫЙ СИСТЕМАСЫ — негизги бирдиктер үчүн физ. универсалдык туракту чоңдуктар алынып түзүлгөн бирдиктер системасы. М. Планк сунуш кылган (1906) бирдиктерден бул системанын негизги бирдиктер үчүн гравитациялык туракту уулук, вакуумдагы жарык ылдамдыгы, Больцман ж-а Планк туракту сандары, Авогадро саны, электрондун заряды ж. б. алынган. Кадимки бирдиктер системасындагы негизги бирдиктердин өлчөмдөрү эркин түрдө тандалып алынат да, ар кандай физ. формулалардан коэффициенттердин маанилери аныкталат. Ал эми Б. т. с-нда негизги бирдик үчүн универсалдык туракту уу сан болуп эсептелген ушул коэффициенттердин өздөрү алынып, алар аркылуу түрдүү физ. чоңдуктардын бирдиктери аныкталат. Бирдиктердин бул системасы илим изилдөөдө колдонулат. Б. т. с-ндагы туунду чоңдуктардын маанилери эң кичине же чоң сан болгондуктан, практикада колдонуу ыңгайсыз.

БИРДИКТЕРДИН ЭЛ АРАЛЫК СИСТЕМАСЫ — чен ж-а салмак б-ча 11-Эл аралык ген. конф-яда (1960) кабыл алынган физ. чоңдуктарды чөнөөнүн бирдиктер системасы. Бул системада 6 негизги бирдик — узундук бирдиги метр *(м)*, масса бирдиги килограмм *(кг)*, убакыт бирдиги секунда *(сек)*, электр тогунун күчү — ампер *(а)*, термодинамикалык температура бирдигине Кельвин градусу *(°К)*, жарык күчүнүн бирдиги *шам* алынган. Б. э. а. с. кыскача СИ (интернационалдык система) деп аталат. Азыркы кезге чейин колдонулуп келген башка бардык системаларга караганда Б. э. а. с.—чөнөөнүн бардык тармагын өз ичине камтыган универсал система. Бул системага өтүү м-н башка бирдиктер системаларын колдонбосо да болот. Башка системалардын бири да СИ сыяктуу артыкчылыкка ээ эмес. Мис., МКГСС системасы механикада, ал эми СГСЭ электростатика болүмдөрүндө гана колдонулат. Б. э. а. с-нын негизги ж-а туунду бирдиктеринин көпчүлүгү өздөрүнүн өлчөмдөрү б-ча практика жүзүндө колдонууга ыңгайлуу болуу м-н бирге алардын көпчүлүгү (мис.: *кг, сек, вт, а, в, см, шам, лм, лк* ж. б.) буга чейин эле кеңири таралган. Бул система чөнөөнүн тактык деңгээлин бир кыйла жогорулатат. ж-а Венгрия, ГДР, Франция, Чехословакия ж. б. өлкөлөрдө колдонууга киргизилген. СССРде ГОСТ 9867—61 б-ча Б. э. а. с. 1963-жылдын 1-январынан тартып колдонулуп келе жатат. Бул стандарт б-ча Б. э. а. с. илимдин, техниканын ж-а эл чарбасынын бардык тармактарында кеңири колдонулууда. Стандартта негизги ж-а туунду бирдиктер көрсөтүлүп, алардын аныктамалары да берилген. О. эле бул системанын 27 туунду бирдик өлчөмү м-н көрсөтүлгөн. Мис., күч бирдиги *ньютон (н)*, жумуш, энергия ж-а жылуулук санынын бирдиги *джоуль (дж)*, индуктивдүүлүктүн бирдиги *генри (гн)*, жарыктаныштын бирдиги *люкс (лк)* ж. б.

БИРДИКТҮҮ БҮТКҮЛ СОЮЗДУК КЛАССИФИКАЦИЯ — спортсмендердин көрсөткүчтөрүнө жараша берилүүчү наамдардын ж-а разряддардын системасы. Б. б. с. к. 1935-ж. түзүлгөн. СССРде спорттун 53 түрү б-ча төмөнкүдөй классификация: уландар разряды (I, II), III—II—I разряддагы спортсмен, СССР спортунун мастерлигине кандидат, спорттун мастери, спорттун эл аралык мастери, спорттун эмгек сиңирген мастери, дойбу б-ча IV разряддагы, шахмат б-ча IV—V разряддагы спортсмен ж-а гроссмейстер бар. Кырг-нда кыргыздын улуттук оюндары б-ча III—II—I разряддагы спортсмен ж-а күрөш б-ча Кыргыз ССР спортунун мастери деген наам бар.

БИРДИКТҮҮ ЭНЕРГЕТИКАЛЫК СИСТЕМА — бир, кээде бир нече өлкөнүн кеңири аймагын энергия м-н камсыз кылуу максатында түзүлгөн эки же андан көп энергет. системалардын бирикмеси. Б. э. с. негизинен электр энергиясын чыгарат, аны бөлүштүрөт ж-а өзгөртөт. Жөнөкөй энергет. системаларга салыштырганда керектөөчүлөрдү энергия м-н үзгүлтүксүз камсыз кылат, кубаттуулуктун керектүү резервин түзөт, аргүүдүү энергияны (электр, жылуулук ж. б.) чыгарууга мүмкүндүк берет. Б. э. с-да энергет. системалар негизинен жог. чыңалуудагы (220, 500 ж-а 750 *кв*) линиялар м-н кошулат. Электр энергиясын берүүнүн тех.-экон. көрсөткүчтөрүн жакшыртуу,

максатында өзгөрүлмө токту 1000—1200 *кв*, ал эми туруктуу токту 800—1500 *кв* линиялары м-н берүү каралган. Мындай линиялар м-н электр энергиясын 2000 *км* аралыкка чейин берүүгө болот. Б. э. с-ны башкаруу үчүн электр станцияларын, электр тармактарын, энергет. системаларды ж-а алардын бирикмелерин комплекстүү автоматташтыруу зарыл. Бул иштеги негизги проблема—Б. э. с-ны авариясыз, оптималдуу башкаруунун методдорун ж-а каражаттарын табуу. Башкаруунун методдорун изилдөө физ. ж-а матем. моделдөөнүн негизинде цифралуу эсептегич машинаны колдонуу м-н жүргүзүлөт. СССРдин европ. бөлүгүндөгү Б. э. с. Борб. (Москва, Горький, Иваново ж-а Ярославль обл.), Түн.-Бат., Орто Волга, Урал, Түш. ж-а Түн. Кавказ, Закавказье, Сибирь, О. Азия энергет. системаларын камтыйт ж-а 550дөн ашык электр станциясын бириктирет. СССРдин Б. э. с-сы эл аралык «Тынчтык» энергет. системасына кошулган.

Ад.: Очерки развития техники в СССР. Энергетическая, атомная, транспортная и авиационная техника, М., 1969; Жимерин Д. Г., Основные этапы электрификации в СССР, «Электричество», 1967, № 5.

БИРЖА — капит. коомдо айырбаштануучу товар, баалуу кагаз ж-а чет өлкөлүк валюта сатуу рыногунун өнүккөн формасы. Мунун үч түрү бар. 1) Товар биржасы—мында үлгү ж-а стандарт б-ча дүң соода жүргүзүлөт. Бул соодагерлер ортосундагы келишимге жараша ишке ашырылып, сапаты бирдей бир түрдүү товар (мис.: дан, пахта, металл, кант ж. б.) соодаланат. 2) Фонд биржасы — баалуу кагазды соодалоо жайы. Мында баалуу кагаздын курсу дивиденддин (пайданын) өзгөрүлүшүнө, керектөө м-н сунушка жараша болот. Мис., кризис мезгилинде акциянын курсу төмөндөп, өндүрүш жогорулаганда көтөрүлөт. 3) Эмгек биржасы — киши күчү соодалануучу жай. Капит. өндүрүштүн плансыз, чаржайыт өнүгүшү ишсиз жумушчуларды көбөйтөт да, мындай биржаны өөрчүтөт.

«БИРИГҮҮ ЖАНА ПРОГРЕСС» (түрк. «Иттихад ве теракки») — Түркиядагы бурж. революционерлердин саясий уюму. 19-к-дын аягында пайда болуп, адегенде Султан Абдулл-Хамид, Ишин залим режиминин ордуна конституциялык түзүлүштү орнотуу максатын көздөгөн. Бул уюмдун жетекчилиги м-н 1908-ж. куралдуу көтөрүлүш чыккан (к. *Жаш түрктөр революциясы*). Бирок бийликке келип, саясий партияга айланганда, «Б. ж. п.» комитети мурдагы прогрессчил мааниси жоготкон. Уюмдун лидерлери өлкөдө жумушчулар м-н дыйкандардын кыймылын басууга активдүү катышып, түрктөн башка улуттардын закондуу талаптарына каршы чыгышкан. Бул режим парламентизмди чөмбөт катары гана пайдаланган. 1913-жылдын башында партиядагы бүткүл бийлик бир туугандар Энвер, Талаат, Жемал-дын колуна өткөн; алар Түркияны герм. империализмге баш ийдирген. 1914-ж. октябрда Түркия 1-дүйн. согушка тартылган. Согуш жылдарында бул партия калктын кең катмарында нааразылык туудурун, 1918-ж. негизинен жоюлган.

1926-ж. «Б. ж. п.» партиясынын мурдагы жетекчилери Кемаль *Ататүркө* каршы заговор уюштурушкан; заговор ашкереленгенде, «Б. ж. п.» партиясынын лидерлери соттолуп, өзү улуттук мүдөөгө кайчы келген реакциячыл уюм катары айыпталган.

БИРИККЕН — Чүй р-ндагы Сынташ сельсоветине караштуу кыштак. «Сынташ» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Старо-Покровкадан 35 *км* түш.-бат. тарапта. Ивановка т. ж. станциясынан 25 *км*. Калкы 749 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

БИРИККЕН АРАБ ЭМИГРАНТТАРЫ (БАЭ) — Араб ж. а-нын чыг. бөлүгүндө, Перс ж-а Оман булуңунун жээгиндеги федералдык мамлекет. Буга Договорный Омандын 7 княздыгы — Абу-Даби, Дубай, Шарджа, Умм-эль-Кайвайн, Аджман, Фуджайра ж-а Рас-эль-Хайма кирет. Аянты 86,3 миң *км*². Калкы 320 миң (1972), негизинен арабдар (90%тен көбү), мында перстер, белуждар жашайт. Көпчүлүгү мусулман. Борбору—Абу-Даби ш. (50 миң киши). Мамл. тили — араб тили.

1892-жылдыгы келишимге ылайык Улуу Британия бул терр-яны өзүнө протекторат кылып, княздыктарды коргоо ж-а алардын сырткы саясатына кийлигишүү «жоопкерчилигин» өзүнө алган. Улуттук-бошт. кыймылдын өөрчүшүнөн улам англ. өкмөт «Суэцтен чыгышты карай» позициясын кайра карап чыгууга аргасы болгон. Натыйжада Англия бул региондо өз таасирин сактап калуу үчүн араб княздыктарынын федерациясын түзүү келишиминин долбоорун иштеп чыккан. Федерация 9 княздыктан (Бахрейн м-н Катарды кошкондо) түзүлмөк эле. Бирок *Бахрейн* м-н *Катар* федерацияга кирүүдөн баш тартып, өздөрүн көз каранды эмес мамлекет деп жарыялашкан. Кичинекей 7 княздык биригип, 1971-ж. декабрда көз каранды эмес мамлекет деп жарыяланган.

БАЭде феод. ж-а уруучулук мамилелер басымдуу. Ак сөөктөр м-н динчилердин бийлиги княздыктарды башкарган шейхтин колунда. Саясий партияларга ж-а уюмдарга тыюу салынган.

Маанилүү табигий байлыгы — нефть (изилденген запасы 2 млрд. *т* дан ашык). 1972-ж. 57,7 млн. *т* нефть өндүрүлгөн. Нефтини чалгындоо ж-а өндүрүү чет өлдик (англ., амер., франц., даниялык, япониялык, бат. герм. ж-а итал. капиталдар) компанияларынын колунда. Айылдык р-ндордо оазистик дыйканчылык (курма, жүзүм ж. б. жемиш, жашылча, дан эгиндери, тамекичилик, пахтачылык) ж-а көчмөн мал чарбачылыгы (төө асыроо) өнүккөн. Айдоо жердин аянты өлкөнүн терр-ясынын 7%нен ашпайт. А. ч-сы калктын тамак-ашка муктаждыгын толук камсыз кыла албайт (жемиш, жашылча Иран м-н Индиядан келет). Балык кармоочулук ж-а акак алуу өнүккөн. Ө. ж-нан кичине ишканалар (металл буюмдарын чыгаруу, жыгач иштетүү, тамеки ф-касы ж. б.) ж-а кол өнөрчүлүк ишканалар (алтындан ж-а күмүштөн буюм жасоо, килем ж-а жүндөн кездеме токуу) бар. Шоссе жолу жокко эсе. 1972-ж. Шарджа — Рас-эль-Хайма автомагистралы ачылган.

БИРИККЕН СЛАВЯНДАР КООМУ — 1823-жылдын башында Новгород-Волынскиде ага-инилүү офицер Борисовдор м-н саясий сүргүндө жүргөн шляхтич Люблинский уюштурган жашыруун рев-чыл уюм. Бул коомдо жарды офицерлер, майда чиновниктер ж-а кызматчылар болгон. Алар адегенде самодержавиени кулатып, республикалык түзүлүштү орнотууну, крепостной укукту жоюп, Польшанын көз каранды эместигин калыбына келтирүүнү, андан кийин славян ж. б. көңшу элдердин респ-калар федерациясын түзүүнү көздөгөн. Федерацияга эркин, тең укуктуу Россия, Польша, Сербия, Венгрия, Молдавия, Валахия ж. б. кирип, булардын өкүдөрүнөн турган чогулуш өлкөнүн жог. органы болмок. Коомдун ар түрдүү улуттардан турган 50гө жакын мүчөсү болгон. 1825-ж. күзүндө Б. с. к-дагылар уюмду таратып, *Декабристтердин түштүк коомуна* кошулган. Коомдун мурунку мүчөлөрүнүн көпчүлүгү декабристтер көтөрүлүшүнө катышкан.

БИРИККЕН СӨЗДӨР — тилдин тарыхый өнүгүү процессинде эки сөздүн тыбыштык ширешүүсүнөн бир бүтүн сөзгө айланып, бир маани берип, бир басым м-н айтылып калган татаал сөздөр. Мис., агайын (ага+ини), кайнене (кайын+эне), ушул (ушу+ал) сыяктуу тарыхый татаал сөздөр. Мындай ширешүүдөн айкашкан эки сөздүн тең тыбыштык составы жекече, өз алдынча тургандагыга караганда өзгөрүп кетет (чугой<чу+кой), эки сөздүн арасынан айрым тыбыштар же муундар сыйлыгышып түшүп да калат (басмайыл<басма+айыл).

БИРИККЕН УЛУТТАР — *экинчи дүйнөлүк согуш (1939—45)* мезгилинде антифаш. коалицияга кирген ж-а 1945-ж. *Бириккен Улуттар Уюмун* (ООН) түзгөн мамлекеттер.

БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ (ООН) — эл аралык тынчтыкты ж-а коопсуздукту сактоо, элдердин ортосунда достук мамилелерди өнүктүрүү максатында 1945-ж. июнда Сан-Франциско-догу конф-ярда суверендүү мамлекеттерден түзүлгөн эл аралык уюм. Ушул конф-яда ООНдун Уставы кабыл алынып, 1945-ж. октябрда күчүнө кирген. ООНдун башкы органдары:



Нью-Йорктогу ООНдун имараты.

Ген. Ассамблея, Коопсуздук Совети, Экон. ж-а социалдык Совет, Опека б-ча Совет, Эл аралык Сот ж-а Секретариат. Туруктуу жери — Нью-Йорк. ООНго 135 өлкө мүчө (1974). ООНдун негизги принциптери: бардык мүчөлөрүнүн суверендүү теңдиги, улуу державалардын бир пикирдүүлүгү, анын бардык мүчөлөрү өз милдеттенмелерин айкыбай аткарышы, эл аралык талаш-тартыш маселелердин тынчтык жолу м-н чечилиши. Уставдагы милдеттенмелерди тааныш, так орундатууга милдеткер болгон, тынчтык каалаган өлкөлөр гана ООНго мүчө боло алат. ООНдун мүчолугунө өтүү үчүн Коопсуздук Совети койгон сунушту анын бардык туруктуу мүчөлөрү (СССР, АКШ, Улуу Британия, Франция ж-а Кытай) бир добуштан колдошу керек. ООН согуштан кийин тынчтыкты сактоо ж-а мамлекеттер ортосундагы мамилелерди чыңдоо багытында бир топ дурус чечим кабыл алды. Буга согушту пропагандалоонун бардык формаларын айыптоо (1947), мамлекеттер ортосунда тынчтык ж-а коңшулук ынтымак мамилелерди орнотуу (1957), улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу (1960), Ж. Чыгыш конфликтин жөнгө салуу (1967) ж-дегү рез-ялар айкын мисал. Бирок ООНдун 1946—70-жылдагы иштажрыйбасы көрсөткөндөй, анын ишинде олуттуу кемчиликтер да орун алып келе жатат. Андай кемчиликтер АКШ ж-а анын демилгеси б-ча түзүлгөн агрессиячыл аракеттер, элдердин таламы м-н эсептешпей коюу кесепетинен келип чыгууда. Бул, айрыкча, Корея маселеси, Улуу Британия, Франция ж-а Израилдин Египетке каршы агрессиясы ж-дегү, Улуу Британиянын Иорданияга, АКШнын Доминикан Респ-касына ж. б. мамлекеттерге интервенциясы ж-дегү маселелерден айкын көрүндү. ООНдун башка мүчөлөрүнө, өзгөчө экон. жактан начар өнүккөн мамлекеттерге кысым көрсөтүү жолу м-н Батыштагы державалар капит. өлкөлөрө ылайык келген рез-ярларды кабыл алдырып, тынчтык ишине ж-а колония элдердин азаттык күрөшүнө жардам берүүчү чечимдердин кабыл алынышына жол бериштеди. Жакында эле өз алдынчалыкка жеткен Азия м-н Африканын көп өлкөлөрү ООНго кирүүгө байланыштуу импер. державалар ООНду өз мүдөөсүнө пайдалана албай калды. Эл аралык маанилүү маселелер, өзгөчө колония маселелери б-ча 1961—70-ж. ООН өз максатына ылайык келген чечимдер кабыл алды. СССР ООН түзүлгөн күндөн эле анын тынчтыкты сактоо ж-а чыңдоо, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү таламында айкыбай күрөш жүргүзүп келе жатат.

Бириккен Улуттар Уюмунун Генеральный Ассамблеясы (ГА) — анын негизги органдарынын бири. Ага ООНдун бардык мамлекет-мүчөлөрү кирет. ООНдун мүчөлөрүнүн кезектүү жалпы чогулушу ар жылы сент. айынын 3-шейшембисинде башталат, кезексизин шартка жараша Коопсуздук Советинин же анын көпчүлүк мүчөлөрүнүн талабы б-ча Ген. секретарь чакырат. ООНдун Уставына ылайык ГА мамлекеттердин саясий, экон. ж-а маданий жактан өз ара кызматташуу, эл аралык тынчтык, коопсуздук маселелерин карайт; тынчтыкты сактоо б-ча жалпы принциптерди иштеп чыгат; ООНго жаңы мүчөлөр кабыл алат; Коопсуздук Советинин убактылуу мүчөлөрүн, Эл аралык Соттун, Экон. ж-а социалдык Советинин мүчөлөрүн шайлайт; бюджет карайт ж-а бекитет; ООНдун Ген. секретарын дайындайт. Офиц. тили — англис, испан, кытай, орус, француз тилдери.

Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Совети (КС) — ООНдун негизги органдарынын бири ж-а дайыма иштөөчү туруктуу органы. Анын негизги милдети: эл аралык тынчтыкты сактоо, талаш-тартыштарды чырсыз чечүүгө көмөктөшүү ж-а агрессиячыл аракеттерди басууга чара көрүү. Анын 15 мүчөсү бар: беш туруктуу (СССР, Кытай, АКШ, Улуу Британия, Франция), ону — убактылуу. Аларды 2 жылга Ген. Ассамблея шайлайт. Убактылуу мүчөлордун жарымы 2 жолу удаа шайланат. КС кабыл алган чечим ООНдун бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү. ООНдун Уставынын 27-статьясына ылайык КСтин бардык маселелер б-ча чечими, анын жок дегенде 9 мүчөсү добуш берсе, оңондо да туруктуу мүчөлөрдүн бири да каршы болбосо, кабыл алынат. Анткени КСтин туруктуу мүчөсү айрым маселеге карата *вето* укугунан пайдаланат.

Бириккен Улуттар Уюмунун Экономикалык жана социалдык Совети ООНго мүчө 27 мамлекеттен турат. Анын $^1/_3$и жылына ООНдун Ген. Ассамблеясы тарабынан 3 жылдык мөөнөткө кайра шайланып турат. Совет экон., социалдык, маданий, билим, саламаттык сактоо, адам укуктары ж. б. эл аралык проблемаларды изилдейт, алар б-ча доклад даярдайт. Чечимдер Советтин мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу м-н кабыл алынат. Советтин алдында региондук экон. 4 комиссия (Европа, Азия ж-а Ы. Чыгыш, Латын Америкасы, Африка б-ча) иштейт.

Бириккен Улуттар Уюмунун Опека боюнча Совети (ОБС) — ООНдун негизги органдарынын бири. Ал эл аралык опека системасына көзөмөлдүк кылат. ОБС булардан турат: а) опекага алынган терр-яларды башкаруучу ООНдун мүчөлөрүнөн; б) Коопсуздук Советинин туруктуу мүчөлөрүнөн (алар опекадагы терр-яны башкарбаса да); в) ООНдун Ген. Ассамблея тарабынан 3 жылга шайлануучу зарыл сандагы башка мүчөлөрүнөн (мында опекадагы терр-ялардын башкаруучу ж-а башкарбоочу мамлекеттер саны жагынан барабар болушу керек). ОБСтун чечимдери көпчүлүк добуш м-н кабыл алынат. Анын бардык кызматы эл аралык тынчтыкты, коопсуздукту бекемдөөгө, опека терр-ясындагы калктын саясий, экон. ж-а социалдык прогрессине көмөк көрсөтүүгө багытталган.

Бириккен Улуттар Уюмунун Эл аралык Соту (ЭАС) — ООНдун башкы сот органы (1946-ж. түзүлгөн). ЭАСтын статуту — ООНдун Уставынын ажырагыс бөлүгү. Статутта соттун уюштурулушу, компетенциясы, процедурасы белгиленет. ЭАСтын 15 мүчөсү бар. Аларды Ген. Ассамблея м-н Коопсуздук Совети көпчүлүк добуш м-н 9 жылга шайлайт. 3 жыл сайын соттун $^1/_3$и жаңыртылып турат. Сот пред-ль м-н вице-пред-лди 3 жылга шайлайт, секретарды 7 жылга дайындайт. Соттун чечими заседаниего катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу м-н (9дан кем эмес) кабыл алынат. Сот укук талаштарын карап, иштерди эл аралык укук б-ча чечет. ЭАС чыгарган чечим б-ча даттануугa болбойт.

Бириккен Улуттар Уюмунун Секретариаты админ. милдеттер аткарат. Секретариаттын башында Ген. секретарь турат (аны Ген. Ассамблея КСтин сунушу б-ча 5 жылга дайындайт).

Ад.: Крылов С. Б., История создания Организации Объединенных Наций, 2 изд., М., 1960.

БИРИКТИРИЛГЕН МАССА — суюктуктун ичинде кыймылда болгон персенин айланасындагы суюк чейрөнүн инерциясынын сандык чондугун мүнөздөө үчүн бул персенин массасына (же инерция моментине) бириктирилген жалган масса (же инерция момети). Идеалдык суюктук ичинде персе өзгөрмөлүү ылдамдык м-н алга жылса, анда бул персенин ылдамдануусуна пропорциялаш болгон суюктуктун каршылыгы пайда болот. Каршылык суюк чейрөнүн белүкчөлөрү м-н персенин кыймылына байланыштуу. Бул каршылыкты мүнөздөөчү пропорциялык коэффициент

Б. м. болуп эсептелет. Б. м-нын мааниси ар кандай формадагы нерселер үчүн ар башка чоңдукта.

БИРИМДИК — мейкиндик м-н убакытта материянын бир бүтүндүгү. Диалек. материализм дүйнөдөгү ар түрдүү кубулуштардын материалдуулугу алардын биримдигине негиз болот деп эсептейт. Античный филос. дүйнөнүн Б-ги ж-дөгү билимди далилдөөнү талап кылбаган талашсыз факт деп санаган. Дүйнөдөгү кубулуштар да, адам да бир нерседен, б. а. стихиянын өзгөрүшүнөн (суу, аба, от ж. б.) же бир тектүү бөлүкчөлөрдүн кошулушунан пайда болот деп, ал эми ойлоо болсо атомдордун кыймылынын бир түрү деп жарыялаган. *Аристотель* Б-ти тактоодо античный материалисттердин илими м-н Платондун идеалисттик диалектикасын айкалыштырып, Б. түшүнүгүн көп маанилүү түшүнүк катары караган. Б. ойлоо м-н чындыктын биримдиги катарында жаңы замандын философиясында өзгөчө коюлган. *Спиноза, Дидро, Гольбах, Фейербах* дүйнөнүн Б-ги анын материалдуулугунда деп эсептешип, билимдин Б-ги ошол универсал Б-тин адамдын аң-сезиминде чагылышы болот деп түшүндүргөн. *Кант* аң-сезимден тышкары кубулуштардын Б-н ж-дөгү маселени чечүүдөн баш тартып, Б. категориясын субъективдүү психол. көз караш м-н байланыштырган. *Гегель* Канттын «психологизмин» сынга алып, Б. аң-сезимден тышкары кубулуштарга да колдонууга боло турган универсал логикалык категория деп түшүндүрүүгө аракеттенген. Бирок ал аң-сезимден тышкары турган кубулуштардын Б-н абс. ойлоонун идеалдуу Б-нин натыйжасы деп караган. Дүйнөдөгү кубулуштардын ар түрдүүлүгүндөй эле Б. да аң-сезимден тышкары жашап, реалдуу ж-а конкреттүү мүнөздө болот. Маркс конкреттүүлүктү көп түрдүүлүктүн Б-ги деп санап, ойлоо м-н чындыктын Б-гин коомдук өндүрүш процессинен, адамдын дүйнөнү практикалык жактан өзгөртүү процессинен издеген. Ушунун негизинде марксизм-ленинизм ойлоо м-н бытиенин, билим м-н предметтин Б-ги ж-дөгү маселени гносеологиялык карама-каршылыктар катары чечет. Б. категориясын ушундайча түшүнүү диалектиканын, логиканын ж-а таанып-билүү теориясынын биримдиги ж-дөгү маселенин ленинче чечилишине негиз болгон. Б-ти түшүнүү деген предметтин конкреттүү жактарын ачуу, анын карама-каршы жактарын айкындоо ж-а алардын бири бирине өтүшүн, өз ара байланышын түшүндүрүү дегенге жатат. Марксизм Б. түшүнүгүн коомдук турмушка колдонгондо, белгилүү бир коомдук кубулуштун ички каршылыктарына конкреттүү, тарыхый талдоо жасоо м-н, анын өнүгүү багытын ж-а келечегин белгилейт. Мис., капит. коомдун антагонисттик каршылыктары анын Б-гинин бузулушуна, бир бүтүндүгүнүн ыдырашына алып келсе, өнүгүп жаткан соц. коомдун бардык тармактарындагы социалдык күчтөр өсүп, жетилип ж-а чыңдала берет.

Ад.: Маркс К., Фейербах жөнүндө тезистер, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 2-т.; Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; Маркс К. и Энгельс Ф., Немецкая идеология, Соч., 2 изд., т. 3; Ленин В. И., Философиялык дептерлер, Чыг., кырг. 1-бас., 38-т; ошонуку, Материализм жана эмпириокритицизм, ошондо, 14-т.

БИРИМДИК ФРОНТ, Жумушчулардын биримдик фронту — жумушчулардын түздөн-түз жакынкы талаптары ж-а рев-ячыл жумушчу кыймылынын түпкү максаттары үчүн күрөштө жумушчу табынын биримдигин камсыз кылууга багытталган саясий багыт. Ал профсоюздук, парт. уюмдардын, жаштар, аялдар ж. б. жумушчу уюмдарынын жерг., улуттук же эл аралык масштабда бардык же айрым маселелер б-ча аракеттеринин биримдигин талап кылат. Пролет. массасынын негизги таптык мүдөөлөрүнүн жалпылыгы Б. ф-тун негизги күчү болсо, анын айныбас жетекчи күчү пролетариаттын рев-ячыл маркстик партиялары болуп саналат. Ил. коммунизмдин негиздөөчүлөрү К. Маркс м-н Ф. Энгельс жумушчу табы улуттук чөйрөдө ж-а эл аралык масштабда бирдиктүү болсо гана өз тарыхый милдетин ийгиликтүү аткара алат деп эсептешкен. Алардын 1-Интернационалдагы тактикалык жолу эл аралык жумушчу кыймылында марксизмдин жеңишин камсыз кылды. 1-дүйн. согуштан ж-а Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин эл аралык жумушчу кыймылында кырдаал башкача түзүлдү. 2-Интернационалдын лидерлери жумушчу табына кыянат кылышты. Эл аралык жумушчу кыймылынын рев-ялык багытын жактагандар өз алдынча Коммунисттик Интернационалды түздү. Ал дүйн. коммунисттик кыймылды данакерлөөчү борбор болуп калды. Б. ф-тун принциптерин В. И. Ленин өзү иштеп чыккан. 20-жылдары Франция, Германия, Болгария ж. б. өлкөлөрдө жумушчу табынын, бүткүл эмгекчилердин күрөшүн бир нукка салуу үчүн Компартиялардын жасаган аракеттери оңчул соц. лидерлер кедерги болгондон оңунан чыкпай калды. 30-жылдары фашизм чабуулга өткөн мезгилде жумушчу табынын биримдиги фашизмге каршы күрөштүн эң зарыл шарты болду. Буга Испания, Франция ж-а Австриядагы демокр. күчтөрдүн биригиши далил. Ал эми жумушчулар арасында с.-д. лидерлеринин ырк бузарлык кылганы империалисттердин 2-дүйн. согушту ачышына мүмкүндүк берди. 2-дүйн. согуш жылдары (1941—45) ж-а согуштан кийин бирдиктүү жумушчу фронтун түзүү бир катар өлкөлөрдө демокр. ж-а фашизмге каршы күчтөрдү бириктирүүгө негиз болду. Б. ф. Европадагы ж-а Азиядагы бир топ өлкөлөрдө элдик-демокр. ж-а соц. рев-ялардын жеңишине көмөк берди. КПССтин 20, 22, 24-съезддери, о. эле маркстик-лениндик башка партиялардын съезддери, Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелери (Москва, 1957, 1960, 1969) бардык өлкөлөрдөгү жумушчу табынын, эмгекчи элдин ж-а демокр. күчтөрдүн биримдиги үчүн күрөштүн маанисин баса көрсөтүп, анын конкреттүү программасын белгиледи. Бирок с.-д. партиялардын оңчул лидерлери, соц. Интернационалдын реформачыл жетекчилери коммунисттер м-н бир аракет жасагандан баш тартып, коммунисттик кыймылда реформизм, догматизм ж-а сектантчылык пайда болуп, ошонун айынан дүйн. жумушчу кыймылында бирдиктүү аракет жасоо иши жабыркап жатат. Кытайда Мао-Цзе-дун м-н анын тобу да эл аралык жумушчу кыймылынын ыркын кетирүүдө. Объективдүү кырдаал аракеттердин бирдиктүү болушун эмгекчи массалардан талап кылып жатат. Ошондуктан Б. ф. жумушчу табынан улам жаңы тарапкерлерди табууда.

Ад.: Ленин В. И., Коммунизмдеги «солчулдуктун» балалык оорусу, Чыг., кырг. 1-бас., 3-т.; Международное совещание коммунистических и рабочих партий, М., 1969; Коммунистический Интернационал. Краткий исторический очерк, М., 1969.

БИРИНЧИ АТЧАНДАР АРМИЯСЫ, к. *Атчандар армиясы.*

БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ (1914—18) — Австрия-Германия блогу м-н Англия-Франция-Россия коалициясынын ортосунда башталган адилетсиз импер. согуш. Кийинчерээк ага дүйнөдөгү көп мамлекеттер катышты. Согуштун чыгышына капитализмдин дүйн. системасынын жалпы кризиске учурашы себеп болду. 20-к-дын башында капит. ири державалардын ортосунда дүйнөнү бөлүштүрүү аяктады. Колониялардын көпчүлүгүн Англия, Франция ээлеп алып, Германия, АКШ ж-а Япония колониялары аз болуп чыккан. Ушундан улам бул мамлекеттер дүйнөнү кайра бөлүштүрүүгө аракеттеништи. Германия 1879-ж. согуш блогун топтоого киришип, Австрия-Венгрия м-н согуштук союз түздү. 1882-ж. ага Италия кошулуп, Францияга ж-а Россияга каршы Германия башчылык кылган *Үчтүк союзу* уюшулду. Буга жооп кылып Англия, Франция ж-а Россия 1907-ж. согуш коалициясы — *Антантага* бирикишти.

1914-ж. 15(28)-июнда Сараеводо сербиялык улутчулдар Австрия-Венгрия тактысынын мурасчысы Франц Фердинандды өлтүрүп коюшту. Бул окуя согуштун башталышына шылтоо болду. Германиянын көкүтүүсү м-н Австрия-Венгрия Сербияга орундалбас талап коюп, ага канааттандырарлык жооп албагандыктан, 15(28)-июлда Сербияга каршы согуш ачты. Германия 19-июлда (1-авг.) Россияга, 21-июлда (3-авг.) Францияга согуш



Батыш фронттогу орус окобунда. 1915-ж.

жарыяласа, Англия 22-июлда (4-авг.) Германияга каршы согуш баштады. Англия тарапка анын доминиондору да кошулду. Ошентип, мындан көп узабай эле дүйнөдөгү 33 мамлекет согушка тартылды. Согуш башталар м-н эле 2-Интернационалдагы бурж. партиялар жумушчу табына чыккынчылык кылып, «мекенди, улутту, мад-тты коргоо» деген жалган ураан м-н чыгышты. В. И. Ленин башында турган Россиядагы большевиктер партиясы гана импер. бул согушка каршы чыгып, анын талоончулук максатын массага түшүндүрдү. Согушуп жаткан бардык өлкөлөрдүн эмгекчилерин бул согушка өз өкмөттөрүнүн жеңилүүсү үчүн күрөшүүгө, аны гражд. согушка айландырууга үндөдү.

Б. д. с-та Германия өзүнүн негизги атаандашы Англияны талкалоону, аны колонияларынан ажыратууну, Францияны, Бельгияны, Голландияны жеңип чыгып, алардын колонияларын тартып алууну, Россиядан Польшаны, Украинаны ж-а Балтика бойлорун тартып алып, аны алсыратууну көздөдү. Австрия-Венгрия болсо Сербияны, Черногорияны, Турция орус Закавказьесин каратып алууга умтулду. Англиянын максаты өзүнүн колониялык үстөмдүгүн сактап калуу, башкы атаандашы Германияны талкалоо, Турциядан Месопотамия м-н Палестинаны тартып алуу, Египетте өзүнүн абалын чыңдоо болду. Франция 1871-ж. Германия тартып алган Эльзас-Лотарингияны кайтарып алып, Саар бассейнин ээлеп калууга ниеттенди. Россия Галицияда, Турциянын бир бөлүгүндө, Константинополь м-н Кара деңиз бойлорунда үстөмдүгүн орнотууга аракеттенди. Согуштун башталышында 2 коалиция тарабынан 484 дивизия согушка киргизилди, бирок бул жетишсиз болуп чыкты. Б. д. с-тун жүрүшүндө бардыгы болуп 73 515 миң адам мобилизацияланды. Миллиондогон адамдар курал-жарактарды чыгарууда ж. б. иштерде иштешти. 4 жыл 3 айдан ашык созулган согуш Германиянын ж-а анын союздаштарынын жеңилиши м-н бүттү.

Б. д. с-тун саясий эң негизги жыйынтыгы капит. системанын жалпы кризисинин андан ары тереңдеши, дүйнө жүзүнүн карама-каршы 2 системага — соц. ж-а капит. системага бөлүнүшү болду. Анткени Россия импер. мамлекеттердин катарынан бөлүнүп, анда Улуу Окт. соц. рев-ясы жеңип чыкты. Колония ж-а көз каранды өлкөлөрдөгү улуттук-бошт. кыймыл колониализмдин кулай баштоосуна жол ачты. Б. д. с. адамзатты азап-тозокко, ачарчылыкка ж. б. кыйынчылыктарга дуушар кылды, бардык өлкөлөрдүн экономикасын өтө начарлатты. Ал адегенде 732 млн калкы бар европ. (колониялары м-н) 8 мамлекетте башталса, бүтөр кезинде 1,5 млрд-дан ашык адамы бар 33 мамлекетти кучагына тартты. Согушкан өлкөлөрдүн согуш чыгымдары гана 208 млрд доллар болду. 10 млн-го жакын адам кырылып, 20 млн-дон ашыгы жарадар болду, 10 млн-го жакыны жугуштуу оорулардан ж-а ачарчылыктан өлдү. Толуп жаткан согуш корабльдери, жардамчы ж-а соода кемелери жок кылынды. 1919-ж. 28-июнда Версалда (Франция) Б. д. с-тун бүткөндүгү ж-дө Германия м-н *Версаль тынчтык договоруна (1919)* кол коюлду. Германиядан Европадагы бир топ жерлер алынып, Франция, Бельгия ж-а Польшага берилди. Германиянын бардык колонияларын жеңип чыккан державалар өз ара бөлүп алышты. Германиянын куралдуу күчтөрү 100 миң адам м-н чектелди, аскерге милдеттүүлүк алынып ташталды. Согушка катышкан башка мамл-тер м-н да договорлорго кол коюлду. Жеңилген мамлекеттер, асыресе Турция көп жеринен ажырап калды. Австрия-Венгриядан Австрия, Венгрия, Чехословакия өз алдынча мамлекет болуп бөлүнүп чыкты. Австрия-Венгрия жеринин бир бөлүгү кайрадан түзүлгөн Польша ж-а Югославия мамлекеттерине кирди.

Империал. өлкөлөрдүн каршылыгы дагы күчөп, жаңы согушка даярдана баштады.

Ад.: Ленин В. И., Соч., 4 изд. (см. Справочный том, ч. 1, с. 158—66); Полетика Н. П., Возникновение первой мировой войны (Июльский кризис 1914), М., 1964.

БИРИНЧИ ЖАРДАМ — майып болуудан, кырсыкка учуроодон ж-а капилет оорулардан жабыркаган адамдын саламаттыгын ж-а өмүрүн сактоо үчүн токтоосуз колдонулуучу чаралар. Б. ж. көрсөтүүнүн максаты: врач келгенче же ооруканага жеткирилгенче, оорулууга тийиштүү ыкмаларды билгичтик м-н колдонуп, анын абалын жеңилдетүү, айрым учурларда өмүрүн сактоо, оорунун кабылдоосуна жол бербөө. Б. ж. негизинен кырсык болгон жерде керектүү аспап, дары-дармек колдо жок учурда ж-а жараатта кан агууну убактылуу токтотууда, сыныкта, сууга чөгүүдө, электр тогуна урунганда, ысык өткөндө көрсөтүлөт. Жогоруда айтылган кокустуктардын бир тобу кырсыктан жабыркаган адамды эстен танууга, дем алуусунун ж-а жүрөгүнүн иштөөсүнүн бузулушуна дуушарлантат. Мындай учурда жаканы бошотуп, жасалма дем алдыруу м-н жүрөккө массаж жасоо керек.

БИРИНЧИ ЖАНА ЭКИНЧИ САПАТТАР — механисттик материализмдин таанып-билүү теориясында колдонулуучу термин. Бул түшүнүк Аристотель, Демокрит, Декарт, Гассенди, Гоббстун эмгектеринде учураса да, 1-жолу термин катарында аны Р. Бойль м-н Дж. Локк киргизген. Таанып-билүү теориясынын негизги түшүнүгү катарында биринчи сапат ж-дөгү окууну Дж. Локк өнүктүргөн. Локк ж-а анын тарапкерлери объективдүү, б. а. биринчи сапатка (кыймыл, жыштык, өткөрбөөчүлүк, фигура, узактык, чоңдук) ж-а субъективдүү же экинчи сапатка (түс, даам, жыт ж. б.) бөлүшкөн. Бардык нерселердин касиеттерин биринчи ж-а экинчи сапаттарга бөлүү, аларды бири бирине карама-каршы коюу — Локктун материализминин негизсиздиги. Биринчи сапат ж-дөгү Локктун илими кийинчерээк субъективдүү идеалисттер Беркли, Мах, Авенариустун ж-а агностиктер Юм м-н Канттын таанып-билүү теорияларынын негизин түзгөн. Диалек. материализм нерселерди Б. ж-а э. с-га бөлүүнү четке кагат; нерселердин сапаттары өзүндө, объективдүү сапаттардын адамдын аң-сезиминде канчалык туура чагылдырылышы практика, тажрыйба аркылуу текшерилет деп эсептейт.

БИРИНЧИ ИМПЕРИЯ — Францияда Консулдук мезгилдин (1799—1804) ордун баскан (1804—14 ж-а 1815) Наполеон Iнин империясы. Консулдук режимдей эле Биринчи империя Улуу француз рев-ясынын демокр. жеңиш алууларын жойгон, бирок ошол рев-янын натыйжасында пайда болгон бурж. түзүлүштү бекемдеп, аскердик диктатураны орноткон.

БИРИНЧИ ИНТЕГРАЛ — дифференциалдык теңдемелердин $\frac{dy_i}{dx}=f_i(x, y_1, ..., y_n)$ $(i=1, 2, ..., n)$ системасынын $y_1=y_1(x), y_2=y_2(x), ..., y_n=y_n(x)$ түрдөгү каалаган чыгарылышын ордуна койгондо теңдештикке айлануучу туруктуу болбогон $F(x, y_1, ..., y_n)=c$ көрүнүштөгү барабардык. Системанын сызыктуу көз каранды болбогон n Б. и-ы белгилүү болсо, анда анын чыгарылышы алгебр. n теңдеменин системасынан аныкталат.

БИРИНЧИ ИНТЕРНАЦИОНАЛДЫН ОРУС СЕКЦИЯСЫ — Бат. Европадагы орус эмигранттарынын рев-чыл демокр. уюму. 1869—70-ж. Женевада түзүлгөн. 1870-ж. мартта уюмдун мүчөлөрү К. Маркстан Интернационалдын Ген. Советиндеги өз өкүлү болуп берүүнү өтүнүшкөн. 24-мартта К. Маркс секциянын өкүлү болууга макул экендигин ж-а секциянын Интернационалга кабыл алынгандыгын билдирген. Секциянын составында Россияда рев-чыл кыймылга каты-

шып, Н. Г. *Чернышевскийдин* жолун жолдогондордон ондон ашык мүчө болгон. Уюмдун максаты 1-Интернационалдын позициясынан туруп Россиядагы рев-чыл кыймылды өөрчүтүү, падышалыкка ж-а капитализмге каршы рев-ялы даярдоо үчүн демокр. күчтөрдү бириктирүү болгон. Секциянын мүчөлөрүнүн коомдук-саясий көз караштары марксизмди өздөштүрүү жолундагы этап эле. Практикалык иште алар бакунинчи-анархисттерге каршы күрөшүшкөн, айрымдары *Париж Коммунасына* катышкан. Россиядагы рев-чыл кыймыл м-н тыгыз байланыш түзүү далалаты ишке ашпаган соң, 1872-ж. секция тарап кеткен.

БИРИНЧИ МАЙ — эмгекчилердин империализмге каршы, тынчтык, демократия ж-а социализм үчүн күрөштөгү тилектештигинин эл аралык күнү. Жыл сайын Б. М. күнү жумушчулардын демонстрациясын өткөрүү ж-до чечим 1889-ж. июлда 2-Интернационалдын Париж конгрессинде кабыл алынган. Конгресс муну м-н эмгек шарттарын жакшыртуу, жумуш күнүн 8 саатка чейин кыскартуу талабын коюп, бүткүл дүйнөдөгү жумушчулардын күчүн бириктирүү максатын колдоп, 1886-ж. демонстрация ж-а иш таштоо уюштурушкан Чикаго (АКШ) ш-нын жумушчуларына тилектештигин билдирген. Россиядагы большевиктер жетекчилик кылган Б. М. демонстрациялары пролетариаттын рев-чыл чыгууларына айланган. 1917-ж. Февр. рев-ясынан соң Россия пролетариаты Б. М-ды эркин белгилеп, «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураан м-н чыккан. СССРде Б. М. жеңген социализмдин, коммунизмди куруунун, тынчтык ж-а элдердин ортосундагы достук үчүн күрөштүн майрамы катары майрамдалат. Кырг-нда Б. М. демонстрациясы мобилизациялоочу зор маанеге ээ болгон. 1917-ж. 1-Май күнү (эски стиль б-ча 18-апрель) Кырг-ндын эмгекчилери м-н бүткүл өлкөнүн эмгекчилеринин рев-чыл тилектештигинин ачык-айкын көрүнүшү болду. Б. М. майрамы Эркиндик күнү деп аталып, Ошто, Пишпекте, Кызыл-Кыя м-н Сулукту көмүр кендеринде митинг, манифестациялар өткөрүү м-н белгиленди.

БИРИНЧИ МАЙ — Нарын обл-нын Ак-Талаа р-ундагы Биринчи Май сельсоветине караштуу кыштак. Тоголок Молдо атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Дөрбөлжүндөн 62 *км* түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 292 *км*. Калкы 684 (1974). Орто мектеп, клуб, медпункт бар.

БИРИНЧИ МАЙ — Чүй р-ндагы Калинин сельсоветине караштуу кыштак. Р-ндун борбору Старо-Покровкадан 37 *км* түш.-бат. тарапта, Ивановка т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 875 (1974). Клуб, китепкана бар.

БИРИНЧИ МАЙ — Ош обл-нын Алай р-ндагы Корул сельсоветине караштуу кыштак. «Социализм» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Гүлчөдөн 9 *км* бат. тарапта, Ош т. ж. станциясынан 105 *км*. Калкы 301 (1974). Башталгыч мектеп бар.

БИРИНЧИ МАЙ, Сөкелек — Ош обл-нын Совет р-ндагы Кара-Кулжа сельсоветине караштуу кыштак. «Совет» с-зунун аймагында. Кара-Кулжа суусунун жээгинде. Р-ндун борбору Кара-Кулжадан 8 *км* чыг. тарапта. Кара-Суу т. ж. станциясынан 98 *км*. Калкы 2689 (1974). Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

БИРИНЧИ МАЙ — Киров р-ндагы Ключевка сельсоветине караштуу кыштак. Ленин атн. к-здун аймагында, р-ндун борбору Кировдон 25 *км* түш.-чыг. тарапта, Маймак т. ж. станциясынан 75 *км*. Калкы 972 (1973). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

БИРИНЧИ МАЙ — Ош обл-нын Ленин р-ндагы Совет сельсоветине караштуу кыштак. Энгельс атн. к-здун аймагында, р-ндун борбору Ленин-Жолдон 12 *км* түн.-чыг. тарапта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 40 *км*. Калкы 1964 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БИРИНЧИ МАЙ — Сокулук р-ндагы Сокулук сельсоветине караштуу кыштак. 21-партсъезд атн. к-здун аймагында. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. этегинен орун алган. Р-ндун борбору Сокулуктан 8 *км* түш.-бат. тарапта, Шопоков т. ж. станциясынан 10 *км*. Калкы 994 (1973). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БИРИНЧИ СИГНАЛДЫК СИСТЕМА — сырткы ж-а ички чөйрөдөн чыгуучу белгилүү дүүлүктүргүчтөрдүн рецепторлорго тийгизген таасиринен адамдын ж-а жаныбарлардын мээсинин кыртышында пайда болуучу шарттуу рефлекторлук байланыштардын системасы. Бул система ж-а анын өзгөчөлүктөрү ж-дөгү түшүнүктү И. П. *Павлов* далилдеген (1932). Мээнин кыртышындагы так чыдык сигналдарынын анализ ж-а синтези организмдин айлана-чөйрөгө багыт алышын ж-а жашоо тиричиликтин өзгөрүп туруучу шартына ыңгайлашышын камсыз кылат. И. П. Павлов бул система ж-дө организмдин көрүү, угуу ж. б. рецепторлорунан келген сигналдардын таасири аркылуу мээнин чоң жарым шарларынын атайын клеткаларында пайда болгон дүүлүгүүү жана анын издери — бул өзүбүздөгү айлана-чөйрөдөн калган эстөө, сезим жана элес айбанаттар менен бизге жалпысынан бирдей деп көрсөткөн. Ошентип, адам м-н айбандарга таандык так сигналдардын организмге тийгизген таасиринен пайда болгон шарттуу рефлекстер мээнин ишинин Б. с. с-сын түзөт, к. *Шарттуу рефлекс*.

БИРК-СУУ КЕНИ — Ош обл-дагы сыман рудасы чыгуучу жер. Түркстан кырка тоосунун түн. этегиндеги Андыген тоосунда. Кен 13-к-дан бери белгилүү. Аны 1915-ж. геолог В. Н. Вебер 1-болуп изилдеген. 1951-жылдан «Средазцветметразведка» тресты ж-а Кыргыз ССР геол. башкармасы геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзө баштаган. Кен жайгашкан аймакта, негизинен *карбон мезгилинде* пайда болгон ак таш тектери кеңири тараган. Тоо тек катмарлары бүктөлүүлөрдүн натыйжасында түн. тарапка оодарылып жыгылган антиклиналдуу түзүлүштү пайда кылып, тектон. жаракалар м-н тилкеленген. Сыман рудасы ошол жаракалар м-н байланышкан ж-а ал негизинен антиклиналдуу түзүлүштөрдүн чегиндеги *брекчия* зоналарында топтолгон. Кен аянты ар түрдүү агымда болгон шток түрүндөгү майда руда түйүндөрүнөн турат. Алардын саны узуну 25 *км*, туурасы 0,5—3,5 *км* келген аймакта 29га жетет. Руда акы таш тегиндеги киновардан турган майда тарамчалар м-н бүртүкчөлөрдөн түзүлгөн. Рудадагы сыман алынуучу минерал — киноварь. Андан башка кальцит, пирит, халькопирит, куприт, азурит, кээде кварц ж-а флюорит кездешет. Алар бардык жерде бирдей таралган эмес. Рудада герцин металлогенялык доордун аягында гидротермалык жол м-н пайда болгон. Кен аймагында 320дан ашык байыркы казынды бар. Кен 1946—50-ж. казылып, киреше бербеген соң убактылуу токтотулган.

БИРЛЕШКЕН, Көк-Сөрөк — Ош обл-нын Ала-Бука р-ндагы Көк-Сөрөк сельсоветине караштуу кыштак. «Кыргызстан» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Ала-Букадан 70 *км* бат. тарапта, Наманган т. ж. станциясынан 80 *км*. Чаткал тоосунун этегинде. Калкы 476 (1971). Сегиз жылдык мектеп бар.

БИРЛИК — Нарын обл-нын Ат-Башы р-ндагы Ак-Моюн сельсоветине караштуу кыштак. 22-партсъезд атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Ат-Башыдан 12 *км* түн.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 260 *км*. Калкы 740 (1974). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

БИРЛИК — Ош обл-нын Араван р-ндагы Араван сельсоветине караштуу кыштак. Араван-Сайдын түш.-бат. тарабында, 22-партсъезд атн. к-здун борбору. Р-ндун борбору Араванга тананташ. Ош т. ж. станциясынан 25 *км*. Калкы 10 035 (1974). Мектеп, мад-т үйү, медпункт бар.

БИРЛИК — Ош обл-нын Ленин р-ндагы Шайдан сельсоветине караштуу кыштак. Ленин-Жол к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 9 *км* бат. тарапта. Калкы 928 (1970). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

БИРЛИК — Ош обл-нын Токтогул р-ндагы Сары-Камыш сельсоветине караштуу кыштак. Толук с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Токтогулдан 150 *км* түн.-чыг. тарапта, Ташкөмүр т. ж. станциясынан 300 *км*. Калкы 981 (1974). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, медпункт бар.

БИРМА, Бирма Союзунун Социалисттик Республикасы — Түш.-Чыг. Азиядагы мамлекет, Индокытай ж. а-да. Батышынан Индия ж-а Бангладеш, түн. - чыгышынан Кытай, чыгышынан Лаос, түш.-чыгышынан Таиланд м-н чектешет. Түш.-бат. ж-а түштүгүнөн Бенгал булуңу, Андаман деңизи чулгап жатат. Аянты 678 миң *км*². Калкы 29,6 млн. (1973-ж. янв.). Борбору — Рангун ш. Б-нын составында 4 улуттук мамлекет: Котулей (калкы 795 миң), Кая (калкы 113 миң), Шан (калкы 2725 миң), Качин (калкы 6787 миң) ж-а Чин (калкы 354 миң) округу бар.



Мамлекеттик түзүлүшү. Конституциясы 1974-ж. 3-январда кабыл алынган. Мамл. бийликтин жог. органы — калк тарабынан 4 жылдык мөөнөткө шайлануучу бир палаталуу Элдик чогулуш (ЭЧ). ЭЧтин сессияларынын аралыгында анын милдетин 29 мүчөдөн турган Мамл. совет аткарат. Мамл. совет пред-лин ЭЧ 4 жылдык мөөнөткө шайлайт. Мамл. совет пред-ли президент да болуп саналат. Закон чыгаруу бийлиги ЭЧке таандык. Өкмөтү — Мин. Совети.

Мамл. гербин ж-а желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макаласынын таблицасынан.

Табияты. Б-нын жери негизинен тоолуу. Батышын Ракхайн тоолору (бийикт. 1500—3000 *м*) ж-а аның түн. уландысы — Паткай, Кумун кырка тоолору (бийикт. 5881 *м* ге чейин), чыгышын Шан бөксө тоосу, борб. болүгүн адырлуу Иравади түздүгү ээлеп жатат. Шань-Тенассерим аймагындагы кен байлыктары: калай, вольфрам, күмүш, коргошун, цинк, кобальт, темир рудалары. Борб. ойдундарынан нефть ж-а газ кендери табылган. Климаты субэкватордук, ысык, кезек-кезеги м-н нымдуу. Эң ысык мезгилдин (апр.) орт. темп-расы 30—32°С, январда 15—25°С. Тоонун деңиз жак беттеринде ж-а жээктерде жылдык жаан-чачыны 6000—6500 *мм*, Иравади түздүгүндө 500 *мм*. Ири дарыялары: Иравади ж-а аның куймалары — Чиндуин, Салуин, Ситаун.



Бирма. Мергуи шаары.

Тоолуу жерлеринин топурагы кунарсыз сары күрөң, кызыл күрөң ж-а кызыл, түздүктөрүнүкү кызыл күрөң ж-а күрөң. Жерининн 60% токой. Айбанаттары: суусар, виверра, кийик, жапайы уй, керик, жолборс, илбирс, пил ж. б. Илбээсинге да бай.

Калкы. Б-да 70ке жакын эл ж-а уруу жашайт. Негизги калкы—бирмалыктар (1973-ж. 73%), алардан башка карен, шан, чин, качин, мон, кай ж. б. элдер жашайт. Мамл. тили — бирма тили. Динге ишенүүчүлөрдүн көбү — буддисттер. Христиандар м-н мусулмандар да бар. Калкынын орт. жышт. 1 *км*² ге 41 киши. Калктын 20% шаарда турат. Чоң шаарлары: Рангун, Мандалай, Моламьяйн.

Тарыхый очерк. Б. терр-ясынын археол. табылгалары төмөнкү палеолитке (аньят мад-ты) таандык. Азыркы бирмалыктардын ата-теги б. э. 7—9-к-да Иравади д-нын боюнда (ортоңку агымы) жашаган. 11-к-да алгачкы феод. типтеги Паган мамлекетин түзүшкөн. Бул мамлекет 13-к-га чейин жашаган. 13-к-дын аягы—16-к-дын башы Б-дагы феод. бытыранчылыктын ж-а өз ара араздашуунун мезгили болду. 16—18-к-да Б. Таунгу княздыгына баш коштурулган. 18-к-дын орто ченинде борборлошкон күчтүү Б. мамлекети түзүлүп, ага Б-нын бардык терр-ясы кирайт, Манипур ж-а Ассам княздыктары да кошулат. Бул мезгилде Б-да феод. мамилелер бир кыйла өнүккөн. Үч баскынчылык согуштан (1824—26, 1852—53 ж-а 1885) кийин Англия Б. терр-ясын биротоло каратып, өзүнчө провинция катары Индиядагы колон. өзгөчө колония алат. Б-нын өнүгүшү метрополиянын кызыкчылыгына баш ийдирилет. Чарбанын экспорттолчу тармагы гана (күрүч өндүрүү, баалуу жыгач материалдарын, минерал сырьё алуу) өнүгөт. Капит. мамилелер Б-да чет өлкөлүк капиталдын (Англия, Индия, Кытай) үстөмдүгү астында ж-а феод., натуралдык чарба сакталып турган шартында өнүкту.

19—20-к-да улуттун-бошт. кыймыл башталды. Ал адегенде улуттук мад-тты кайра жандандыруу урааны м-н өттү. 1920-жылдардан тартып саясий ураандар коюлду. 1930-жылдардагы улуттун-бошт. кыймылдын жогорулашы колон. парламенттин түзүлүшүнө ж-а Б-нын Индиядан бөлүнүп, өзүнчө колония болуп түзүлүшүнө алып келди (1937); жалпы бирмалык жумушчу ж-а дыйкандар уюмдары 1939-ж. уюшулду. Бирманын коммунисттик партиясы түзүлдү.

2-дүйн. согуштун (1939—45) мезгилинде, 1941-ж. декабрда Б-ны Япония аскерлери басып алат. 1944-ж. компартиясынын активдүү катышуусу м-н Б. патриоттук күчтөрү биримдик фронтко— Элдик бошт-дуктун антифаш. лигасына биригишти. Бул лига 1945-ж. марттa куралдуу көтөрүлүш чыгарды. Б. 1945-ж. май айында япон оккупациясынан бошотулат. Б-нын көз каранды эместиги үчүн англ. империалисттерге каршы күрөш жүрүп, 1948-ж. 4-январда көз каранды эмес федеративдик респ-ка— Бирма Союзу жарыяланып, ошол эле күнү СССР м-н дипл. мамиле түзүлдү. 1949-ж. ООНго кабыл алынды. Көз каранды эмес мамлекетте мамл. жетекчилик помещиктер



Петербургдагы жумушчулардын 1-Май демонстрациясы, 1906-ж.



Рангундагы сыйынуучу жай (Алтын мунаралар-пагода).

м-н улуттук чет-жакаңын феодалдарына блоктоп улуттук буржуазияга тийди. 1946-ж. В. компартиясынын ыркы кетишинен ж-а аның Элдик боштондуктун антифаш. лигасынан белүнүп калышынан демокр. лагерь бошондойт. 1948-ж. мартта гражд. согуш чыкты. Компартия подпольеде өкметке каршы куралдуу көтөрулүштү даярдай баштады. Улуттук р-ндордо федерациянын кулоо коркунучу м-н коштолгон сепараттык (лат. separatus — өзүнчө, өзгечөленген) тенденция күч алды. Улуттук көтөрүлүшчүл отряд өкметке каршы согуштук аракеттер жасап турду. Башкаруучу чөйрөдө бийлик үчүн ачыгышкан күрөш жүрдү. 2-дүйн. согуш м-н гражд. согуштун залдарынан экономикасы өтө оор абалда болду. Мына ушул кырдаалда 1962-ж. ген. Не Вин башчылык кылган рев-ячыл маанайдагы офицерлер тобу мамл. төңкөрүш жасады. Бийлик башына Не Вин башында турган Рев-ячыл советтин өкмөтү келди. Бул өкмөт капит. өнүгүш жолун танган программа («Социализмге баруунун бирмача жолу») жарыя кылды. 1962-ж. Бирмалык соц. программа партиясы түзүлдү. Рев-ячыл совет антимпер., антифеод. ж-а антикап. мүнөздөгү бир катар кайра куруларды жүргүздү. Чет өлкөлүк капитал экономикадан четтетилип, улуттук капиталдын өнүгүшүнө катуу чек коюлду. Экономикада мамл. сектор чечүүчү орунда турду. Ички саясий абалды жөнгө салуу ж-а гражд. согушту токтотуу б-ча чаралар кабыл алына баштады. 1964-ж. бир партиялуу система киргизилди. Бирма соц. программа партиясынан башка партиялар м-н уюмдардын бардыгына тыюу салынды. 1974-ж. 1-январда жаңы Конституцияга күчүнө киргенден кийин, Бирма Союзу Соц. Респ-ка болуп жарыяланды. 1974-жылдын янв.—февралында закон чыгаруу органдары — Элдик чогулуш (парламент) ж-а Элдик советтин шайлоосу өттү. 1974-ж. президенти Не Вин болду.

Саясий партиялары. Бирмалык социалисттик программа партиясы 1962-ж. июлда негизделген, демокр. централизм принцибинде курулат. Бир катар саясий партиялар жашырын иштеп, өкмөткө каршы куралдуу күрөш жүргүзүп жатышат. Алар — Б-нын коммунисттик партиясы (1939-ж. негизделген, 1948-жылдан бери подпольеде, компартиянын жетекчилиги 60-жылдардын аягынан бери Кытай компартиясынын маочул жетекчилигинин таасиринде; Компартия Улуттук демокр. бирдиктүү фронтту — улуттчул ж-а солчул жашырын партиялар м-н уюмдардын блогун башкарат); Парламенттик демократия партиясы (эмиграцияда жүргөн оңчул оппозициянын жетекчиси У Ну 1969-ж. негиздеген, улуттук-бошт. фронту деп аталган фронтту оңчул-оппозициячыл жашырын партиялар м-н уюмдардын блогу башкарат).

Эл чарбасы. Б.— агрардык өлкө. Экономикасынын негизи — а. ч., башкы тармагы — шалы. Айдоонун 60%не шалы, 15%не май өсүмдүктөрү (арахис, кунжут), 8%не буурчак дандуулар, 5%не тамеки, буудай, жүгөрү, 3%не мөмө-жемиш дарагы (цитрус, банан, манго, ананас), чай, бал камыш, 2%не пахта эгилет. Айрым өсүмдүктөрдөн жылына 2—3 жолу түшүм алынат. Б-да 1971—72-ж. (млн. м-н) 7,2 уй, 1,6 буйвол, 1,7 чочко, 10дон ашуун үй кушу болгон.

Б. ө. ж-нын башкы тармактары: жыгач, тоо-кен иштетүү ж-а иштетүү ө. жайы. Эмгекке жарамдуу калктын 1% токой чарбасында иштейт. Жыгач, айрыкча тик жыгачын далдоо ж-а сатуу б-ча Б. дүйнөдө алдыңкы орундарда. Жылына 1,4 млн. $м^3$ жумуру жыгач даярдалат (анын 0,3 млн. $м^3$ — тик жыгачы). Свада кагаз ф-касы бар. Б-да 1971—72-ж. 833 миң т нефть, 300 миң т калай (таза металл), 517 миң т вольфрам, 7,4 миң т цинк өндүрүлдү. Нефть тазалоочу 2 завод иштейт (жалпы кубаттуулугу 600 миң т). Мында шалы актоочу, өсүмдүк майын чыгаруучу, кант жасоочу, автомобиль ж-а трактор жыйноочу, болот прокат жасоочу з-ддор, чай, тамеки ж-а текстиль ф-калары да бар.

Темир жолунун уз. 4309 км (1971), суу жолу 8 миң км ден ашуун, автомоб. жолдору 27,6 миң км. Өлкөдө 22 миңге жакын автомобиль бар (1972). Негизги порттору: Рангун (сырткы соода жүргүзүүсүнүн 85%не жакыны туура келет), Бассейн, Моламьяйн, Ситуя. Мингаладон — эл аралык аба жол тоому.

Көз карандылыктан кутулгандан бери тышкы соода бүтүндөй мамлекеттин карамагына өттү. СССР ж. б. соц. өлкөлөр м-н достук ж-а башка карым-катнашынын жандануышы тышкы соодасынын жогорулашына шарт түздү. Экспортко күрүч, тик, буурчак, сейрек металлдар, асыл таштар жөнөтүлөт. Сырттан өндүрүш курал-жабдыктары, чала фабрикаттар алып келинет. Б. негизинен Япония, Улуу Британия, КЭР, Индия, ГФР, АКШ, Пакистан, Австралия м-н соода жүргүзөт. Акча бирдиги — джа (кьят). СССР мамл. банкынын курсу м-н 100 джа = 15,52 сом.

Саламаттык сактоосу. 1968-ж. ар миң кишиге төрөлгөндөр 40,4төү, жалпы өлүм 12,9ду, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 66,5ти түзгөн. Өмүрдүн узактыгы орто эсеп м-н 44 жыл. Өлүмгө учуроо көбүнчө жугуштуу ж-а мите ооруулардан болот. Б-да чуманын табигый уюткусу бар. СССРдин жардамы м-н 200 орундуу госпиталь ж-а поликлиника курулду. 1969-ж. 2,2 миң врач, 4,9 миң акушерка ж-а мед. сестра иштеген. Врачтарды 3 мед. ин-т (жылына 140 врач) даярдайт.

Эл агартуу жана илимий мекемелери. Б-да өзөлтөн бери монастырлык окутуу системасы жүргүзүлгөн. Бирмалыктардын көпчүлүгү улуттук башталгыч мектепте окушкан. Бирма Союзу түзүлгөндөн кийин жалпыга бирдей акысыз башталгыч билим берүү киргизилген. 1965-жылдан тартып кечки мектептер ачылды. 4 жылдык башталгыч мектептерге 6 жаштан кабыл алынат. 1968—69-окуу жылында башталгыч, орто ж-а даярдоочу аралык мектептерде 3 млн. 537 миңден ашык, орто мектептерде 107 миңден ашык окуучу окуган. Окуу мөөнөтү 6 айдан 2 жылга чейинки проф. мектептер бар. Аны бүткөндөр 2—3 жылдык профтех. окуу жайларына өтүшөт. Мугалимдер пед. колледждерде даярдалат. Рангунда ун-т, мед. ин-т, пед., техпол. (1961-ж. СССРдин жардамы м-н салынган), экон. ин-ттар иштейт. 1968—69-окуу жылында аларда 33 миңден ашык студент окуган. Рангун, Мандалай ун-ттеринин алдында при китепканалар, Рангунда музей ж-а сүрөт галереясы бар.

Басма сөз, радио уктуруу. Рангунда күнүнө 7 газета басылат, алтоо мамлекеттик: «Людупиду пейзин» 1962-жылдан бери (бирма тилинде), 1963-жылдан «Уоркинг пиплс дейли» деген ат м-н (англис тилинде), «Гардиан» (англис тилинде), «Ботатаун», «Чемоун», «Хантавади», «Мьянмаалин» ж-а жеке менчик «Янгоун нейзин» газеталары (бирма тилинде). Бирма социалисттик программа партиясынын бирма тилиндеги журналдары — «Пати ея», «Найнгандага ея» ай сайын чыгат. Радио уктуруучу Рангундагы Бирма мамлекеттик радио уктуруу кызматы («Мьянмаатан») жүргүзөт.

Адабияты. Б. ад-тынын калыптанышы 9—13-к-дагы Паган дооруна таандык. Бирма тилинин алгачкы жазма эстелиги катары Мьзейда пагодасынын таш текчелериндеги паган жазуусу саналат (1112). 11-к-да Б. ад-ты пали тилинде өнүккөн. Паган мамлекетинин гүлдөгөн доорунда (11—13-к.) будда монахтары палинин классикалык адабий тилинде диний-филос. чыг-лар жазган. 14—16-к-да бирма классикалык поэзиясынын гүлдөө учуру болду. Коомдук турмушту ж-а жаратылыштын сулуулугу Шин Махатилавунт м-н Шин Махарататардын поэмаларында чагылдырылган. 18-кдын башында бирма тили улуттук тилге айланды ж-а ад-тта жаңы жанр — проза жаралды. 20-к-да керкем котормо пайда болду, роман жанры өнүгө баштады. Өлкө көз карандылыктан кутулгандан кийин (1948), бирма ад-тында Ата Журтту сүйүү, тынчтык үчүн күрөшүү ж-а жаңы коомду куруу башкы тема болуп калды.

Архитектура, сүрөт искусствосу. Б-дагы байыркы заманда ташка тартылган сүрөттөр эрте неолитке таандык. Б. з. башында кирпич үйлөр (храмдар, сарайлар) курулган. О. кылымда төбөсү мунаралуу, көңгуроо сымал будда храмынын мемориал имараттары («зеди») курулган. Жыгач ж-а таштан Будданын статуялары жасалган. 11—13-к-да Паганда зеди храмдарынын комплекстери түзүлгөн. 14—19-к-да Б-нын борборундагы архит. ансамблдер, храм, монастырь ж-а кептеленин алтындын буусу м-н кооздолгон сүрөттөр түшүрүлгөн дворецтер курулган. Б. (1948) көз каранды эмес мамлекет болгондон тартып турак жай комплекстери, жаңы типтеги коомдук ж-а ө. ж. имараттары салына баштайт. Б. реалисттик иск-восу (живописчи У Ба Джи, У Сан Вин, скульпторлор У Лунн, У Хан Тин) эмгекчилердин турмушун чагылдырат.



Тавоедеги Будда скульптурасы.

Музыкасы. Б. музыкасы театр ж-а бий өнөрү м-н тыгыз байланыштуу. Мунун түпкү негизи бий м-н музыканын коштоосунда өтүүчү байыркы замандагы диний үрп-адаттан келип чыккан. Б. музыкасы Паган мамлекетинин тушунда (11—13-к.) айрыкча өнүгө баштайт. 1538-ж. Б-да сайн оркестри кеңири тараң, составына патвайн (барабан), чейвайн (гонг), хне (бамбук гобой), ар түрдүү шалдырактар, көңгуроо ж. б. кирген. 1837-ж. бул аспаптардын көбү кайрадан жакшыртылган. Улуттук муз. аспабы — чыйратылган жибек жиптен 13,14 же 16 кыл тагылган арфа. 18—19-к-да Мьявади Минджи У Са, Падейтаяза, Ма Ма Ле сыяктуу акын, композиторлор Б. муз. мад-тына зор үлүш кошту. Азыр Б-да проф. муз. өнөрү өнүгүп, Б-нын классикалык ж-а европ. муз. түрлөрүн изилдөөчү мамл. мектептер иштейт. Б. мамл. оркестри (1956) СССРде гастролдо болгон.

Театры. Б-да театр 11-к-дан белгилүү. 15-к-да кыдырма актёрлор ойногон мистерия театры өнүккөн. 18-к-да ак сөөктөрдүн театры уюшулуп, оюн пали, санскрит тилинде көрсөтүлгөн. 18-к-дын алгында — 19-к-дын башында элдик театрлардын негизинде улуттук драматургия калыптанган.

Инди эпосу «Рамаянадан» көрүнүш.



У Чин Унун «Махотада», «Папахейн» ж-а У Поун Ньянын «Вэйтхандайл» ж. б. драмалары пайда болот. 19-кдын аягында Рангунда туңгуч театр имараты курулду. Б. эркиндикке чыккандан кийин (1948) чоң шаарларында театрлар, кыштактарда ышкыбоздордун элдик театрлары ачылган. Улуттук актёрлорду мамл. музыка ж-а драма мектеби даярдайт.

Киносу. Б. кинематографиясынын баштоочусу У Он Мауп Рангунда 1914-ж. туңгуч «Бёрма филм компаний» кино фирмасын түзгөн. 1920-ж. «Сүйүү жана алкоголь» деген 1-көркөм фильм көрөлат. 30-жылдарда «Аккачаны сатып алууга болбойт», «Ассамдык принц» ж. б. үндүү фильмдер чыга баштайт. 1948-ж. эркиндикке чыккандан кийин элди колонизаторлорго каршы күрөшкө, улуттук биримдикке ж-а тилектештикке чакырган кинофильмдер пайда болду. 1955-ж. Кино иштер совети түзүлгөн. Б-да 400дөн ашуун кинотеатр иштейт, жылына 60ка жакын көркөм фильм чыгарылат. Белгилүү кино инмерлери: У Тин Маун, У Тукха, У Чхи Кхин ж. б.

Лд.: Васильев В. Ф., Очерки истории Бирмы 1885—1947, М., 1962; Не Вин, Бирма на новом пути, М., 1965; Куракова Л. И., Бирма. Природные районы и ландшафты, М., 1967; Гаврилов Ю. Н., Борьба за независимость и прогрессивные преобразования в Бирме, М., 1970; Макарова С. М., Бирма. Развитие капитализма в промышленности, М., 1968; Васильев И. В., Миронов М. П., Бирма. Экономика и внешняя торговля, М., 1964; Климко Г. Н., Аграрные проблемы независимой Бирмы, М., 1964; Бирманский Союз. Сб. ст., М., 1958; Попов Г. П., Бирманская литература, М., 1967; Ожегов С. С., Архитектура Бирмы, М., 1970.

БИРМА ТИЛИ — бирмалыктардын тили, *Бирманын* мамл. тили. Б. т-де 20 млн-го жакын адам (1970) сүйлөйт. Негизинен тун., борб., тавой, аракан диалектилерине бөлүнөт. Б. т. кытай-тибет семьясына кирүүчү тибет-бирма тилдерине таандык. Б. т-деги алгачкы жазма эстеликтер 11-к-га тиешелүү. Бирма жазуусунун негизи Түш. Индия жазуусунун бир түрүнөн келип чыккан.

БИРМАЛЫКТАР — улут; Бирманын негизги калкы. Саны 20 млн-го жакын (1970). Бирма тилинде сүйлөшөт. Б-дын аракан, таунгу, инта деген этногр. топтору бар. Динге ишенгендеринин көпчүлүгү — буддисттер. Аракандардын бир бөлүгү — мусулман, Б-дын христиандары да бар. Негизги чарбачылыгы — дыйканчылык, балыкчылык, багбанчылык, бакчачылык. Ар түрдүү кол өнөрчүлүк (ийрүү, токуу, жыгач, темир, соокко оймо салуу) өнүккөн. Б-дын бир даары нефть иштетүүчү ө. ж-да иштешет.

БИРМАНЫН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (БКП) 1939-ж. 15-августта негизделген. 2-дүйн. согуш мезгилинде БКП бирма элинин улуттук-бошт. күрөшүнүн, антияпониялык каршылык көймөлөшүнүн активдүү уюштуруучусу болгон. Партиянын 1-съезди 1943-ж. жашырын өткөн. 1944-ж. БКПнин ж. б. патриоттук күчтөрдүн демилгеси б-ча Эл эркиндигинин антифаш. лигасы (ЭАЛ) түзүлүп, ал 1945-ж. мартта бирма элин япониялык баскынчыларга каршы куралдуу көтөрүлүшкө чыгарган. Согуштан кийин БКП улуттук көз каранды эместигине жетишүүгө ж-а Бирмадан англ. колониялык үстөмдүктү толук жоюуга багыт алды, ЭАЛ да өз позициясын чыңдады. БКП 1945—46-ж. эмгекчилердин бир катар массалык уюмун түзду. 2-съезди 1945-ж. июлда Рангун ш-да ачык өттү. Бирок 1946-ж. февралда БКПнин ыркы кетти ж-а «Кызыл желектүү компартия» деген топ түзүлүп, ал солчулдук позициясын карман, улуттук-бошт. күчүн күрөштө улуттук буржуазия м-н кызматташ болуудан баш тартты. Солчул позициядан ЭАЛдын жетекчилерин сынга алды. Саясий пикир келишпөөнүн натыйжасында БКП 1946-ж. октябрда ЭАЛдан чыгарылды. 1948-ж. мартта Бирма көз каранды эместикке жетишкен соң, ички пикир келишпегендиктин күчөшү өлкөнү гражд. согушка алып келди. БКП жашырын абалга өтүп, Бирманын өкмөтүнө каршы куралдуу күрөш ачты. 1955-жылдан баштап БКП гражд. согушту токтотуу ж-дө программа кабыл алып, Бирманын өкмөтү м-н сүйлөшүүгө аракет жасады, бирок өкмөт БКПден куралдуу күчүн толук капитуляция кылышын талап кылып, сүйлөшпөй койду. 1963-жылкы сүйлөшүүдө натыйжа берген жок. БКПнин жетекчилери Бирмадагы социалдык-экон. кайра куруулардын прогрессчил мүнөзүн этибарга албай Рев-чыл Советтин өкмөтүн куралдуу күч м-н кулатууга багыт алды. БКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелерине (1957, 1960, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган. Кийин маонамдын таасиринде өттү да, БКПнин жетекчилери партияны эл аралык коммунисттик кыймылдан ажыратып таштады.

БИРМИНГЕМ — АКШнын түш.-чыгышындагы шаар, Алабама штатында. Аппалачи тоолорунун этегинде. Калкы 340 миң (1969). Мексика булуңу м-н байланыштыруучу Уоррнор д-дагы порт, шоссе ж-а т. ж. тоому. Б.— АКШнын түштүгүндөгү кара металлургиянын башкы борбору. Металлургиялык з-ддор шаардын чет жакаларында жайгашкан (Бессемер, Энсли, Фэрфилд). Кокс химия, металл иштетүү, түтүк чыгаруу, оор машина куруу, цемент, согуш ө. ж. өнүккөн. Булгаары, кагаз ж-а тамак-аш ө. ж-лары, ун-т (1871) бар.

БИРМИНГЕМ — Улуу Британиянын Уорикшир графтыгындагы оор ө. ж-луу шаар. Борб. Англиянын Бирмингем платосунда. Калкы 1,1 млн. (1970). Жол катнашынын маанилүү тоому. Б-де кара металлургия, металл иштетүү, машина ж-а станок жасоо, резина, электр тех. ө. ж. иш-



А. Р. Бируни.



С. С. Бирюзов.



П. Ф. Бирюков.

каналары бар, зергерлик кесип өнүккөн. Б. 11-к-дан бери белгилүү. Шаарда Сент-Мартин чиркөөсү (13-к.), Сент-Чэд собору (1839—41) ж. б. архит. эстеликтер сакталган. Б.— өлкөдөгү тех. окуу жайлары (ун-т, тех. колледждер) бар ири шаарлардын бири.

БИРОБИДЖАН (Бира ж-а Биджан д-ның атынан) — Хабаровский крайының составындагы Еврей АОсунун борбору (1937-жылдан шаар). Бира д-ның жээгинде, т. ж. станциясы. Калкы 56 миң (1970). «Дальсельмаш» а. ч. машиналар з-ду, трансформатор з-ду, бут кийим ж-а тигүү ф-калары, жыгач иштетүү ж-а тамак-аш ишканалары бар. Кечки мех. ж-а мех.-технол. техникумдар, мед., пед. ж-а маданий агартуу окуу жайлары, край таануу музейи ж-а 2 элдик театры (еврей ж-а орус) бар.

БИРУНИ (Беруний) Абу Рейхан Мухаммед ибн Ахмед (4. 10. 973—13. 12. 1048) — орто азиялык илимпоз-энциклопедист. Хорезмде (азыркы Өзб-н) туулган. Б. фарс, араб, грек, хинди тилдеринде эркин сүйлөп, чыгларын арабча жазган. 1017- жө 1018-ж. Газна султаны Махмуд Газневи Б-ни Газна ш-на алып келип, анын өмүрү ошол жерде өткөн. Терең ил. мааниси бар математика, астрономия, география, геология, минералогия, тарых, этнография б-ча эмгектердин автору. Б-нин эң маанилүү эмгектери: «Индия тарыхы», «Өткөн муундардын эстеликтери» («Байыркы элдердин хронологиясы»), «Масуд канону», «Асыл таштар» ж. б. Ал илимдин ар түрдүү тармактары б-ча 150 китеп жазып, 45 китеби астрономия м-н математикага арналган. Анын айрымдары англис, немец, француз тилдерине которулган. Б. дүйнөнүн гелио борб. системасын айткан, Жердин айланасынын узундугун аныктаган. Б-нин математикасында геометрия ж-а тригонометрия маселелери изилденген. Анын геогр. чыгармаларында ошол кездеги белгилүү жерлердин баары айтылып, материктердин жайланышы картага түшүрүлгөн. Б. биол. маселелерге да кызыккан. Ал ар түрдүү өсүмдүктөрдүн ж-а жаныбарлардын тиричилигин изилдеген. Табият таануу маселелери б-ча Б. материалисттик көз караштарды туткан: дүйнөнүн негизи — материя, ал дайыма кыймылдан ж-а өзгөрүп турат деп ачык айткан; орчундуу ил. далилдер м-н дини ишенимдин жалгандыгын ашкерелеген. Б. тынчтыкты, боштондукту, элдер арасындагы достукту жактаган.

Чыг.: Избр. произв., [т.] 1—3, Ташк., 1957—66; Собрание сведений для познания драгоценностей (минералогия), Л., 1963.

Ад.: Бирони — великий узбекский ученый средневековья. [Сб. ст.], Ташк., 1950; Великие учёные Средней Азии и Казахстана, Сб. ст., А.-А., 1965.

БИРУНИ — Каракалпак АССРиндеги шаар. Бируниинин ысмына коюлган (1962-жылга чейин — посёлок). Аму-Дарыясынын оң жээгинде, Үргөнч т. ж. станциясынан 20 *км* түн.-чыг. тарапта. Калкы 23 миң (1970). Б-де 2 нахта тазалоочу, май чыгаруучу, кирпич ж-а асфальт з-ддору бар.

БИРЮЗА (фарсча — фирузе) — фосфаттар тобундагы минерал. Хим. формуласы $CuAl_6[PO_4]_4(OH)_8 \cdot 4H_2O$. *Триклин системасында* кристалланат. Өңү асман сыяктуу көгүш, көгүлтүр жашыл. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 5—6. Салыштыр. салм. 2,6—2,8. Б. алюм. кычкылы м-н фосфаттарга бай талаа шаттуу тоо тектеринде жер бетиндеги жез ж-а иондуу суулардын тийгизген таасиринен пайда болот. Чала асыл таш катары кооздук буюмдарын жасоодо колдонулат.

БИРЮЗОВ Сергей Семёнович (1904—1964) — Сов. Союз. Маршалы (1955), Сов. Союз. Баатыры (1958), Югославиянын Элдик Баатыры (1964). 1926-жылдан КПССтин мүчөсү. 1922-жылдан Сов. Армиянын катарында. ББАК атн. Аскердик мектепти (1926) ж-а Фрунзе атн. Аскердик академияны (1937) бүтүргөн. 1941-ж. июлдан Улуу Ата Мек. согушта 132-дивизиянын командачысы. 1942-ж. Брянск, Сталинград, Түш. ж-а 3—4-Украина фронтторунда штабдын начальниги, 1944-ж. Яссы — Кишинёв операциясына ж-а 37-армия м-н Югославияны бошотууга катышкан. Согуштан кийин Болгарияда аскердик жетекчи кызматтарда иштеди. 1947-жылдан Приморск аскердик округунда командачы, 1955-жылдан коргоо министринин орун басары, 1962-жылдан Ракеталык аскерлердин башкы командачысы, 1963-жылдын апрелинен Генштабдын начальниги. КПСС БКнын мүчөсү (1961), СССР Жог. Советинин (2,4—6-шайл.) депутаты, 5 Ленин ордени, 3 Кызыл Туу ордени ж. б. жог. сыйлыктар м-н сыйланган.

БИРЮКОВ Петр Филиппович (1912-ж. т.) — Кыргыз ССР Чүй р-нундагы Краснореченск МТСинин трактор бригадасынын бригадири (1930). Соц. Эмг. Баатыры (1948). Ал эмгек жолун трактористтен баштаган. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Анын бригадасы тейлеген «Красный путь», Ленин атн. к-здор 1947-ж. 65 га кант кызылчасынын ар гектарынан 427,5 *ц* түшүм алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БИСКАЙ БУЛУҢУ — Атлантика океанындагы булуң. Европанын бат. жээгинде, кургактыкка 400 *км* кирип турат. Аянты 194 миң $км^2$. Орт. терең. 1715 *м* (эң терең жери 5120 *м*). Б. б-да тез-тез шторм болуп турат. Суунун темп-расы февралда 6—12°С, августа 10—20°С. Тузд. 35‰ге жакын. Ири порттору: Брест, Сен-Назер, Ла-Рошель, Рошфор (Франция), Сан-Себастьян, Бильбао, Сантандер (Испания).

БИСМАРК АРХИПЕЛАГЫ, Жаңы Британия — Тынч океандагы Меланезия а-дарынын бир тобу ж-а *Жаңы Гвинеянын* бир бөлүгү. Жаңы Британия, Жаңы Ирландия, Адмиралтейство а-дарынан ж. б. майда аралдардан турат. Аянты 50 миң $км^2$. Калкы 218 миң (1966) — меланезиялыктар ж-а папуастар. Ири аралдары тоолуу (Жаңы Британия а-нын бийикт. 2300 *м* ге чейин), майда аралдары жанар тоодон ж-а кораллдан пайда болгон. Нымдуу экватор токою өсөт. 1616-ж. голл. В. Схаутен м-н Я. Лемер ачкан. 1884-жылдан Германиянын колониясы, О. *Бисмарктын* ысмынан аталган.

БИСМАРК Отто Эдуард Леопольд фон Шёнхаузен (1. 4. 1815—30. 7. 1898) — германдык мамл. ишмер, князь. Померандык юнкерлерден чыккан. 1847—48-ж. Пруссиянын 1- ж-а 2-бириккен ландтагдарынын эң реакциячыл депутаттарынын бири. 1859—62-ж. Пруссиянын Россиядагы, Франциядагы элчиси. 1862-ж. Пруссиянын министр-президенти ж-а тышкы иштер министри. Пруссиялык армиянын кубатына таянып, Б. Германияны пруссиялык-милитаристтик негизде бириктирүүнү ишке ашырган. 1871-ж. Париж Коммунасына каршы Тьердин өкмөтүнө активдүү жардам берген. 1867-ж. Түн. Германдык Союзду түзгөндөн кийин бундесканцлер болгон. 1871—90-ж. Герман империясынын рейхсканцлери. Б. өлкөдө юнкерлик-бурж. блоктун үстөмдүгүн жигердүү чыңдады. Ал Германияны составына кирген Польша жериндеги улуттук-бошт. кыймылга каршы күрөшүп, поляк калкын немецтештирүү саясатын жүргүздү. Тышкы саясатта Францияга каршы согушууну көздөп, Германияга каршы коалициянын түзүлүү мүмкүндүгүнө жол бербөөгө тырышкан. Жумушчу кыймылын басуу аракетинин ж-а тышкы саясатынын ойрондолушу Б-ты отставкага кетүүгө (1890-ж. март) аргасыз кылган.

БИССЕКТРИСА (*би...* ж-а *secо* — жара болуу) — бурчту тең болүүчү түз сызык. Б.— бурчтун симметрия огу ж-а бурчтун ичине жайгашкан бурчтун жактарынан бирдей алыстыкта турган геом. чекиттердин орду. Ал үч бурчтукта ички бурчтун карамакаршысындагы жактарды анын каптал жактарына пропорциялаш кесиндилерге болот.

БИСУЛЬФАТТАР, гидросульфаттар — күкүрт к-тасынын кычкыл туздары, мис., $NaHSO_4$. Сууда жакшы эрийт. Жегич металлдардын Б-ы гана белгилүү, жог. темп-рада пиросульфатка айланат.

БИСУЛЬФИТТЕР, гидросульфиттер — күкүрттүү к-танын кычкыл туздары, мис., $NaHSO_3$. Бардык Б. сууда жакшы эрийт, көпчүлүгү эритмеде гана белгилүү.

БИТ БАСУУ, к. *Педикулёз*.

БИТИР — орозо учурунда ар бир мусулмандан жыйналып алынуучу салык. Курандын талабы б-ча, Б. төлөө — мусулмандардын ыйык милдеттеринин бири. Б. тили чыга элек балага да берилүүгө тийиш. Дин кызматкерлери Б-ди орозо кармагандар да, кармабагандар да төлөөсүн талап кылышат. Мусулман духовенствосунун казнасына Б-ден зор киреше түшкөн. Динге ишенүүчүлөр дин кызматкерлеринин алдоосуна ишенишип, кудай бизди күнөөбүздү кечирсе, «тигил дүйнөдө» бейишке чыгабыз деген үмүт м-н Б. төлөшкөн. Элдин аң-сезиминин ж-а маданий деңгээлинин өсүшү м-н эскинин бул саркындысы жоюлуп баратат.

БИТОВНИТ, к. *Плагиоклаздар*.

БИТТЕР (Anoplura жө Siphunculata) — кан соруучу курт-кумурскалар түркүмү. Адам ж-а сүт эмүүчүлөр м-н кай бир канаттуулардын митеси. Денеси жалпак, уз. 1—5 *мм* ге жакын. Башы ж-а көкүрөгү кичине. Курсагы чоң, 2 көздүү, кээ бири сокур болот. Оозу терини сайып, кан соруурга ыңгайланган. Б. кишиге ж-а сүт эмүүчү жаныбарларга мителик кылып, алардын канын сорот. Б-дин 200гө жакын, кишиде эки (баш ж-а койнок бити), сүт эмүүчү жаныбарларда көп түрү (чочко, жылкы, эшек, бодо мал, ит ж. б.) бар. Ал сиркесинен кобойот. Б-ге каршы күрөшүү үчүн биол., хим. ж-а физ. методдор колдонулат.

БИТУМ (лат. bitumen — чайыр) — катуу ж-а суюк углеводороддордун ж-а алардан алынган бирикмелердин аралашмасынын аталышы. Б-ду адам баласы эң байыркы убакта эле пайдаланып келген. Б. з. ч. 3000 жыл мурда эле Тигр ж-а Евфрат д-ның ортосунда, Египетте тургузулган курулуштарда Б. пайдаланылган. Б. табигый, техникалык ж-а катуу отундан алынган деп бөлүнөт. Табигый Б. тоо тектеринен орг. эриткичтер аркылуу бөлүп алынат да, нафтид ж-а нафтоид деп бөлүнөт. Нафтид табиятта кеңири таралган. Ага нефть ж-а андан алынган заттар (мальт, асфальт, керит, озокерит) кирет. Мальт—нефтинин коюуланган плээнкек түрү. Техникалык Б.— асфальт-чайырлуу заттары арбын нефть калдыктарынан алынуу катуу же плээнкек продукт. Ал мазутту, гудронду 300—350°Сде терең вакуумда бууландыруу аркылуу алынат. Нефтиден алынган Б-дун составында, негизинен асфальтен, чайыр ж-а нефть майы болот. Катуу отундан алынган Б.— орг. эриткичтер аркылуу чым көмөн ж-а күрөң көмүрдөн алынчу продукт. Бул Б-дун составында негизинен *мом* ж-а *чайыр* болот. Б-дар катуу, коюу ж-а суюк болушу мүмкүн. Катуу Б. жабуу материалдарды (рубероид), коюу Б. суудан сактоочу материалдарды (гидроизол, борулин ж. б.) ж-а асфальт даярдоо үчүн, суюк Б. жол курулушунда ж-а эл чарбасынын ар түрдүү тармагында колдонулат.

БИТУМДУУ ТОО ТЕКТЕР — составында *битуму* бар ар түрдүү чөкмө тоо тектер. Битумдар тоо тектердин жаракаларында, көзөнөкчөлөрүндө болот; көп учурларда чополорго, кумдуктарга тегиз сиңип калат. Өңү кара күрөң ж-а кара. Битумдуу аки таш тектери коргошун, нефть ж-а газ кендери үчүн чейрө болот. Жез, уран, молибден, ванадий сыяктуу элементтердин кендери битумдуу кумдуктар м-н слапецтердин арасында кездешет. О. Азияда Б. т. т. кембрий, ордовик, девон ж-а карбон мезгилдеринде пайда болгон тоо тек катмарларында бар.

БИТЮГ — РСФСРдин Воронеж, Тамбов обл-дагы дарыя, Дондун сол куймасы. Уз. 379 *км*, алабынын аянты 8840 $км^2$. Ока-Дон түздүгүнөн агат. Өрөөнү жазы ж-а саздуу. Оң жээги дөңсөөлүү, кээ жери токойлуу; сол жээги эңиш, талаалуу. Жылдык орт. чыгымы 18,2 $м^3/сек$. Негизинен кар сууларынан куралат. Декабрда тоңуп, апрелде ачылат.

БИХАР — Индиянын түп.-чыгышындагы штат. Непал м-н чектешет. Аянты 174,0 миң $км^2$. Калкы 56,4 млн. (1971). Борбору — Патна ш. Климаты тропик-муссондук, кышы курган, жайы нымдуу. Жылдык жаан-чачыны 1000 *мм*. Б.— негизинен агрардык штат, о. эле тоо-кен өндүрүү б-ча Индиядагы башкы р-н. Жеринин 50% айдоо аянты, негизинен шалы, мындан башка жүгөрү, буудай, арпа айдалат. Мал чарбасынан уй ж-а топоз асыралат. Индияда өндүрүлүүчү көмүрдүн 50%, темир рудасынын 20%, слюданын 50%, бокситтин 50%и Б. штатынын үлүшүнө тиешелүү. Машина куруу, металлургия, хим., кездеме токуу, тамак-аш ө. ж-лары бар.

БИХЕВИОРИЗМ (англ. behaviour — жүрүш-турыш) — азыркы кездеги бурж. психологияда кеңири таралган реакциячыл агым. Б. 19—20-к-дын ортосунда айбанаттардын психикасын эксперименттик изилдөөдөн улам пайда болгон. Анын жалпы методол. өбөлгөсү — *позитивизмдин* ж-а *прагматизмдин* философиясынын принциптери. Бул принциптер б-ча, илим түздөн-түз баамга урунган персепи гана сыпаттоого тийиш, ал эми түздөн-түз кабыл алынбаган маалыматтар м-н ички механизмдерди талдоодон алгылыктуу тыянак чыгара албайт; ошон үчүн психол. аң-сезимди эмес, жүрүш-турушту изилдеши керек. Бихевиористтер аң-сезим деп субъективдүү маалыматтардын жыйынтыгын айтат. Аң-сезим тышкы дүйнөнү чагылдыра турган мээнин кыматы экенин алар таныш, психиканын материалдык субстратын текшере турган мээнин физиологиясына каршы чыгат. Б-ге амер. илимпоз Э. Торидайк негиз салган, ал эми анын программасын түзгөн ж-а аны термин катарында киргизген амер. илимпоз Дж. Уотсон болгон. Б-дин ил. калыптанышы үчүн В. М. *Бехтерев* м-н И. П. *Павловдун* эмгектери чоң таасир кылган. 20-к-да Б. өзүнүн абдан өнүккөн чегине жетет. Ал машина м-н которуу, программаал окутуу ж-дегү изилдөөлөрдө өнүктүрүлдү. Б-дин психиканы объективдик көз караштан изилдөөгө багыт алышы — пайдалуу ич. Бирок сов. ж-а чет өлкөлүк психологдор аң-сезим, ойлоо, эрк сыяктуу негизги түшүнүктөрдү психологиядан чыгарып таштаганы үчүн Б-ди катуу сынга алышат.

Ад.: Уотсон Дж. Б., Бихевиоризм, в кн.: Большая советская энциклопедия, т. 6, М., 1927; Ярошевский М. Г., История психологии, М., 1966, гл. 12.

БИХРОМАТТАР, дихроматтар — эки хромдуу кислотанын $H_2Cr_2O_7$ туздары, мис., $K_2Cr_2O_7$. Б.— күчтүү кычкылданткыч. $K_2Cr_2O_7$ м-н концентрацияланган H_2SO_4 түн каныккан эритмеси хром аралашмасы деп аталып, лабораторияда хим. идиштерди тазалоо үчүн колдонулат.

БИЧУРИН Никита Яковлевич (Иакинф), [29. 8(9. 9). 1777—11 (23). 5. 1853] — чыгышты изилдеген орус окумуштуусу, улуту — чуваш. Казандагы диний академияны бүтүрүп (1799), 1802-ж. кечилдикти (монахтык) кабыл алган. 1807-жылдан Пекинде дин миссиясына башчы болуп, кытай тилин үйрөнгөн. Миссионер милдетине көңүл коштук кылгандыктан 1823-ж. Ваалам монастырына камалган. 1826-ж. бошотулуп, Россиянын тышкы иштер мин-восунун Азия департаментинде тилмечтик кылган. 1828—51-ж. бир топ ил. эмгек жарыялайт. 1828-жылдан Россия ИАга мүчө-корр. 1831-жылдан Парижден Азия коомуна мүчө. Негизги эмгектеринде О. Азиянын ж-а Борб. Азиянын түрк элдеринин тарыхы м-н этнографиясын изилдеп, кытай тилиндеги даректерди пайдаланган. Кытай тарыхына, мад-тына ж-а философиясына арналган эмгектери да бар. Б. Пушкин, Одоевский, Крылов ж-а айрым декабристтер м-н тааныш болгон.

Чыг.: Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена, т. 1—3, М.—Л., 1950—53.

БИШКЕК — кымызды бышуу үчүн керектелчү буюм. *Сабанын* чоңдугуна жараша 1,5—2 *м* келген жумуру жыгачтын учуна жазылыгы 7—8 *см*, узуну 12—13 *см*, калыңд. 5—6 *см*, ичи оюлган жалпак жыгач асталат.

Жаңы саалган бээ сүтү кымыздуу сабага куюлуп, Б. м-н көпкө бышылат. Кымыз канча көп бышылса, ал ошончо ичкиликтүү ж-а күчтүү ачыйт. Б-ти көбүнчө арчадан, айрым учурда четин, кайың, талдан жасайт.

БИЭЛА КОМЕТАСЫ — 1826-ж. чех. астроному Биэла ачкан комета. Ал 1772, 1806, 1826 ж-а 1832-жылдары байкалган. 1846-ж. Б. к. өзүнчө ядросу болгон 2 бөлүккө бөлүнгөн. Бул эгиз комета 1852-ж. кайрадан бири-биринe 2,8 млн. *км* аралыкка жакындашып, бир ай бою көрүнүп турган да, кийин такыр көрүнбөй калган. Ал 1872-ж. көрүнүүгө тийиш болучу, бирок анын ордуна 1872-ж. 26-ноябрда Европада ж-а Түш. Америкада учуучу жылдыздардын жааны (метеордук) байкалган. Мындан Б. к. метеор агымына айланып кеткен деп болжолдоого болот.

БИЯ — Алтайдагы дарыя, Обдун оң куймасы. Телец (Алтын-Көл) көлүнөн агып чыгат. Уз. 306 *км*, алабынын аянты 40 миң *км²*. Б-нын баш жагы чытырман тайга токою м-н капталган кууш өрөөн м-н агып, төмөнкү бөлүгү токойлуу жазы өрөөнгө өтөт. Б. Катунь д-сы м-н кошулуп Обь д-сын түзөт. Жылдык орт. чыгымы Бийск ш-нын тушунда 477 *м³/сек*. Чатынан Бийск ш-на чейин кеме жүрөт.

БЛАГОВЕЩЕНКА — Ош обл-нын Сузак р-нундагы Сузак сельсоветине караштуу кыштак. «Коммунизм» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Сузактан 8 *км* түн.-чыг. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 7 *км*. Калкы 1250 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, төрөт үйү, медпункт бар.

БЛАГОВЕЩЕНСК — РСФСРдеги Амур обл-нын борбору. Зея д-нын Амурга куйган жериндеги порт ж-а т. ж. станциясы. Калкы 128 миң (1970). «Амурский металлист» (тоо-кен ж-а алтын өндүрүүчү ө. ж-лардын жабдууларын чыгарат), «Амур электроприбор», арак-спирт з-ддору, ремонт-тоо-тех., ремонттоо-эксплуатациялык базасы ж-а кеме верфи, кагаз, ширенке жасоочу ф-калары, а. ч., пед., мед. ин-ттары ж-а Хабаровск политех. ин-тунун жалпы тех. ф-тети, 12 атайын орто окуу жайы, драма, куурчак театрлары, край таануу музейи бар.

БЛАГОЕВ Димитр (14. 6. 1856, Загоричане с.,— 7. 5. 1924, София) — Болгарияда марксизмди биринчи пропагандалоочу, Болгариянын с.-д. жумушчу партиясын түзүүчү ж-а анын жетекчиси. Кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жаш чагында эле болгар элинин түрк эзүүсүнө каршы улуттук-бошт. кыймылына катышкан. 1881—85-ж. Петербург ун-тинде окуп, орустун прогрессчил студенттери м-н жакындашкан. 1885-жылдан Софияда ил. социализмдин идеяларын пропагандалай баштаган. 1905-ж. Б. Маркстын «Капиталынын» 1-томун ж. б. эмгектерин болгар тилине которгон. 1910-ж. 2-Интернационалдын 8-конгрессинде (Копенгаген) тыгызчылдар партиясынын делегациясына башчылык кылып, андагы солчулдардын В. И. Ленин уюштурган кеңешмесине катышкан. 1-дүйн. согушта Б. анын импер. мүнөзүн, 2-Интернационалдагы социал-шовинисттердин чыккынчылык ролун ашкерелеген. Улуу Окт. соц. рев-ясын кубана тосуп алып, большевиктердин идеясын пропагандалаган. 1919-ж. Болгариянын с.-д. жумушчу партиясы Коммунисттик партия деп аталып, Коминтерндин негиздөөгө катышкан. Бирок ошол мезгилде Б. ж-а бүт партия пролет. рев-янын маселелери б-ча толугу м-н лениндик позицияда турган эмес. Кийин Б-дин муну мойнуна алуусу ж-а ал каталыктарды ачык сынга алышы, БКПнын большевиктик духта кайра курууда маанилүү роль ойноду. Б. маркстик философия, саясий экономия, тарых, эстетика ж-а болгар ад-ты маселелери б-ча бир катар эмгектерди жазган.

Ад.: Д и м и т р о в Г., Избр. произв., т. 1—2, М., 1957; Х р и с т о в Х. и В а с и л ь е в К., Димитр Благоев (биографический очерк), пер. с болг., М., 1958.

БЛАГОЕВ ТОБУ — Россияда марксизмди тарата баштаган алгачкы с.-д. топторунун бири. Топту Петербургда Д. *Благоев* ж. б. негиздешкен. Негизинен студенттерден турган бул топ 1883-ж. декабрда түзүлүп, жалпы билим берүүчү ж-а легалдык эмес ад-тарды окуп ж-а таратып турган. Топ 1884-жылдан «Орус социал-демократтар партиясы» деп аталып, «Эмгекти эркиндикке чыгаруу тобу» м-н байланыш жасагандан кийин «Орус социал-демократтар партиясынын Петербург тобу» болуп аталган. Петербургдун ишканаларында 15ке жакын кружок уюштурган. 1885-ж. Россияда биринчи с.-д. жумушчу газетасы «Рабочийдин» 2 номеринин жашыруун басылышын уюштурган. Б. т. жумушчу кыймылы м-н байланышпаса да, жумушчулардын арасында марксизмди пропагандалоого негиз салды. Ал полиция тарабынан 1887-ж. ойрондолгон.

БЛАГОНРАВОВ Анатолий Аркадьевич [20. 5(1. 6). 1894—4. 2. 1975] — механика б-ча сов. илимпоз, СССР ИАнын акад. (1943), артиллериянын ген.-лейтенанты, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1964; 1974), РСФСРдин илимге ж-а техникага эмг. сиң. ишмери (1940). 1937-жылдан КПССтин мүчөсү. 1916-ж. Петроград политех. ин-тун, Михайловск артилл. окуу жайын, 1924-ж. Жогорку артилл. мектебин ж-а 1929-ж. Аскер-тех. академияны бүтүргөн. 1929—46-ж. Москвадагы Дзержинский атн. артилл. академияда окутуучу (1938-жылдан проф.), 1946-ж. СССР жог. билим берүү министрине орун басар, 1953-жылдан Машина таануу ин-тунa директор, 1957—63-ж. СССР ИАнын Тех. илимдер бөлүмүндө акад.-секретарь. Б-дун негизги эмгектери механикага ж-а аскер куралдарына арналган. Эл аралык астронавтика академиясына анык мүчө, СССР Мамл. сыйл. (1945), Лениндик сыйл. (1960) лауреаты. Беш Ленин ордени, башка 5 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЛАЖЕВСКИЙ Евгений Викторович [23. 2(6. 3). 1884-ж. т.] — колхоз өндүрүшүнүн новатору, Одесса обл-нын Котовский р-нундагы Горький атн. к-здун звенозою (1948—63), 2 жолу Соц. Эмг. Баатыры (1950, 1958), 1952-жылдан КПССтин мүчөсү. 1949-ж. 10 *га* аянттын ар гектарынан 69,2 *ц* жүгөрү алган. КПССтин 20- ж-а 22-съезддерине делегат. Пенсионер. 2 Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЛАНКИ Луи Огюст (1. 2. 1805—1. 1. 1881) — француз революционери, утопист-коммунист. 1814—30-жылдагы, Июль рев-лсы (1830) ж-а Июль монархиясынын тушундагы респ-качыл демокр. кыймылга активдүү катышкан. 1835—39-ж. респ-качыл жашырын коомдорду («Үй-бүлөлөр коому» ж. б.) уюштуруп, аларга жетекчилик кылган. Париждеги көтөрүлүш басылгандан (1839-ж. 12-май) кийин өмүр бою түрмөдө олтурууга өкүм кылынып, 1848-жылдагы рев-янын убагында бошонуп, рев-ячыл ишмердигин улантткан. 1848-ж. Париж демонстрациясынан кийин 10 жылга кесилип, андан 1859-жылдагы мунапыз б-ча чыккан. 1861—65-ж. кайра камакта болуп, түрмөдөн качып чыгып (1865), Брюсселде жашаган. 1870-ж. 30-октябрдагы көтөрүлүшкө активдүү катышкандыгы үчүн кайрадан өмүр бою түрмөгө өкүм кылынган. Париж Коммунасынын (1871) убагында, Коммунага сыртынан мүчө болуп шайланганы м-н, түрмөдөн чыгарылган эмес. Өмүрүнүн акыркы жылдары да соц. ж-а демокр. идеяларды пропагандалоону улантып, бланкисттерди парт. уюмга баш коштурууга умтулган. Б. тарыхты идеалистче түшүнүп, тап күрөшүн тааныганы м-н, пролетариаттын рев-ячыл ролун баалай билген эмес. Марксизм-ленинизм классиктери Б-ни революционер ж-а социализмдин тарапкери катарында жогору баалоо м-н, анын заговорчул тактикасын сындашкан.

БЛАНКИЗМ — Л. О. *Бланкинин* көз карашын ж-а тактикасын жактоочу саясий агым. Бланкисттер аз гана кишиден турган жашыруун иерархиялык уюмду түзүүнү, ушул уюмдун капысынан куралдуу чыгуусу м-н бийликке жетүүнү көздөшүп, рев-ячыл ситуациянын бар-жогун эске алышпайт. Бланкисттердин мындай аракеттери (1839, 1870-ж. Париждеги көтөрүлүштөр) ордунан чыккан эмес. Бланкисттик тактика жумушчулардын аң-сезиминин өсүшүнө, маркстик соц. партиялардын пайда болушуна жараша жоюлду.

Ад.: Л е н и н В. И. Бийликтин социалдык структурасы, перспективалар жана ликвидаторчулук жөнүндө, Чыг., кырг. 1-бас., 17-т.; о ш о н у к у, Марксизм жана көтөрүлүш, ошондо эле, 26-т.

БЛАНКИСТТЕР — Л. О. Бланкинин

көз карашы м-н тактикасын жактагандар. 1848-жылдагы рев-я кезинде эң радикалдуу позицияда турушкан. Париж Коммунасынын убагында (1871) Б. Коммунанын «көпчүлүктөр» советинин ичинде болушкан. Рев-ячыл чечкиндүү чараларды жүргүзүүнү жакташканы м-н соц. мүнөздөгү экон. реформалардын маанисин жеткире баалашпаган. Париж Коммунасы жеңилген соң, Б. I-Интернационалга кирип, анын кийинки иш-аракетинде активдүү роль ойношкон. Алар Интернационалга өздөрүнүн волюнтаристтик тактикасын ж-а соц. тоңкорушкө багыт алууну таңуулоого да аракеттенишкен. Бирок К. Маркс ж-а Ф. Энгельс тарабынан катуу сокку алышкан. 1872-ж. Интернационалдан чыгып, «Революциячыл Коммунаны» түзүшкөн. 1880-ж. мунапыз алышкан коммуначылар «Борбордук революциялык комитетти» (БРК) уюштурушкан. *Буланжизмдин* тушунда Б. экиге бөлүнүп, Вайян башкарган тобу буланжизмге каршы күрөшкөн, 2-тобу (Э. Гранже, Э. Рош) буланжисттерге кошулуп, БРКдан чыккан ж-а мындан көп узабай тарап кеткен. Вайян өлгөндөн кийин (1915) бланкисттик агым жок болгон.

БЛАС РОКА, Р о к а Блас (өз атыжөнү — Франсиско Вильфредо К а л ь д е р и о, 1908-ж. т.) — Кубанын жумушчу кыймылынын ишмери. 1929-жылдан профсоюздук кыймылга катышып, Куба коммунисттик партиясына (ККП) өткөн. ККП Орьенте провинциялык комитетинин (1930), Гавана шааркомунун секретары, ККП БКга, саясий бюросуна ж-а секретариатына мүчө (1933). 1934—61-ж. Компартиянын (1944—61-ж. элдик-соц. партия) ген. секретары. 1961-жылдан Кубанын Бириккен рев-ячыл уюмдарында, Кубанын соц. рев-ясынын биримдик партиясында жетекчи кызматта. 1965-жылдын октябрынан ККП БКнын, анын секретариатынын мүчөсү ж-а ККП БКнын Конституциялык комиссиясынын пред-ли. Теориялык, саясий эмгектердин, алардын ичинде «Кубадагы социализмдин негиздери» деген китептин (1943, орусча котормосу 1961-ж. чыккан) автору.

БЛАСТОМИКОЗ (Blastomicosis) — айбандар терисинин ж-а ички органдарынын улаарма оорусу. Дарт көбүнчө Канада, Борб. ж-а Түш. Америка, Азия ж-а Европада таралган. Дарттын негизги себептери — бир клеткалуу жөнөкөй грибоктор. Бул дартка көбүнчө адам ж-а ит чалдыгат. Жылкыда да кезигет (тажрыйба үчүн кой, маймыл, чычкан, доңуз чычканга жугузууга болот). Б. м-н ички органдар ооруса, мууң ж-а борб. нерв системасынын ооруларына мүнөздүү клиникалык белгилер байкалат. Ал эми дарт териден башталса, денении ар кайсы жеринде каканак, чыйканга окшош шишик пайда болуп, жарылган соң, мал айыгып кетет. Дарылоо чаралары иштелип чыга элек.

БЛЕННОРЕЯ (гр. blennos — былжыр ж-а rhéō — агуу) — гонококктон көздүн былжыр кабыкчасынын ириңдеп кетүүчү катуу оорусу. Б. жаңы төрөлгөн балдарда ж-а чоң кишилерде кездешет. Балдарга төрөт учурунда оорулуу энесинен; чоң кишилерге оорулуу адамдын колу, сүлгү д. у. с. аркылуу жугат. Б-да көз шишип, кызарат, көздүн былжыр кабыкчасы калыңдап, андан ириң агат. Убагында дарыланбаса, көзгө копок конуп, ак басып көрбөй калууга болот. Алдын алуу үчүн жаңы төрөлгөн баланын көзүнө азот кычкыл күмүштүн 2%-түү эритмесин же пенициллинди тамчылатат.

БЛЕФАРИТ (гр. blepharon — көз жапкагы) — көз жапкактарынын сезгениши. Б. — кеңири таралган өнөкөт оору. Ал көбүнчө арык кишилерде, туберкулёз ж-а аллергиялык оорулар м-н ооруган балдарда зат алмашуунун бузулушунан пайда болот. Б-тин жөнөкөй ж-а жаралуу түрү бар. Жөнөкөй түрүндө көз жапкагынын жээги кызарып, шишип, кычышат, кирпиктердин арасында какачка окшош перселер чыгат. Мунун жаралуу түрү м-н ооруганда, кирпиктин араларында жара пайда болуп, ириңдейт. Бул тер бездерине ж-а кирпиктин түптөрүнө тарап, кирпик түшө баштайт. Б. эмнеден пайда болсо, дарылоо ошого карата жүргүзүлөт.

БЛЕШИНСКИЙ Станислав Владимирович (1919-ж. т., Пишпек, азыркы Фрунзе) — сов. химик, химия илимд. доктору (1963), проф. (1967). Кыргыз ССРинин эмг. сиң. ойлоп чыгаруучусу (1975). Томск ун-тин бүтүргөн (1941). Кыргыз ССР ИАнын Орг. эмес ж-а физ. химия ин-тунa директор (1958—62), 1962-жылдан ошол ин-тун директоруна орун басар. Б. сейрек ж-а эң эле сейрек учуроочу элементтердин физ. химиясын изилдеп, Кырг-ндагы минералдык сырьелордон, башка элементтерден аларды ажыратып алуунун принциптерин ж-а кендерди табуунун жаңы методдорун ачкан. Талаа шпаттарын, көмүртек ж-а кремнийлүү сланецтерди, фторлуу карбонаттарды, составында целлюлозасы бар заттарды комплекстүү иштетүүнүн жаңы технологиясын, магниттик эмес кендерди байытуунун, металлдарды хим. жол м-н анализдөөнүн методдорун иштеп чыккан. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы м-н сыйланган.

Чыг.: Химия бериллия, Фр., 1955 (совм. с др.); Химия индия, Фр., 1958 (совм. с В. Ф. Абрамовым); О всаливании органических веществ, Фр., 1967.

БЛИНДАЖ (фр. blindage; blinder — калкалап жабуу дегенден) — өздүк составды пулемёттун, артиллериянын, миномёттун огунан, напалмдан ж-а массалык кыргын салуучу куралдан коргоочу жай (жертөлө). Б. темир-бетон, жыгач, таш, топурак, ө. ж. конструкцияларынан жасалат. Б. 1-жолу Севастополь коргонуусунда (1854—55) колдонулган. Биринчи (1914—18) ж-а 2-дүйн. (1939—45) согуштарда да Б. көп курулган.



А. А. Благонравов.



А. А. Блок.

БЛИЦТУРНИР — кыска мөөнөттө тез өткөрүлүүчү мелдеш. Б. б-ча өткөрүлгөн спорттук оюндун убакыты кыскартылат (мис., футбол, кол топ, хоккей, баскетбол); оюндарда очколордун саны кемитилет (мис., волейбол, теннис). Б. шахмат ж-а дойбу б-ча да өткөрүлөт.

БЛОК Александр Александрович [16(28). 11. 1880. Петербург — 7. 8. 1921, Петроград] — орус акыны. Дворян үй-бүлөсүндө туулган. Петербург ун-тинин тарых-филол. ф-тетин бүтүргөн (1906). Ал 5 жашынан ыр жаза баштаган. Чыг-лыгынын алгачкы учурунда акын Вл. Соловьевдун идеялык таасиринде жүргөн. Бул анын «Асылзаада аял жөнүндө ыр» деген китебинен да байкалат. 1903-жылдан баштап Б-тун поэзиясына социалдык темалар кире баштайт. Биринчи орус рев-ясы (1905—07) Б-тун көз карашы м-н чыг-лыгына жаңыча багыт берди. Анын чыг-ларында рев-я бороонун алдын ала туюу («Эркин ойлор», 1907; «Куликов талаасында», 1908; «Жаза» поэмасы, 1910—21), манчыркаган «ток курсактар» дүйнөсү м-н бурж. турмуштун ыплас жактарын жек көрүү сезими («Шаар», 1904—08; «Коркунучтуу дүйнө», 1909—14) улам күчөй берет. Б-тун баралына жеткен поэзиясы мистикалык-романтикалык символдордон арылып, конкреттүү-турмуштук мазмун, филос. терең сапат алат. Буга анын «Италия ырлары» (1909), «Гүл менен табыт» (1912—13), «Булбул багы» (1915) деген поэтикалык чыг-лары мисал. Ал Улуу Окт. соц. рев-ясын кубануу м-н тосуп алган. «Интеллигенция жана Революция» (1918) деген макаласында рев-яны колдоого чакырат. Б. Октябрдан кийинки ырларында ж-а «Он экки» (1918) поэмасында кулап бараткан эски дүйнөнүн далбасасын, анын жаңы дүйнө м-н кагылышын көрсөткөн. Блок — «Бейтаапыш», «Балаганчик», «Аянттагы король» (баары 1906-ж. жазылган) белгилүү пьесалардын, иск-во м-н ад-ттын түрдүү маселелерине арналган көптөгөн сын макалалардын, очерктердин автору. Анын чыг-ларына ички драматизм, филос. интеллектуалдуулук, конфликттердин курч коюлушу, назик лиризм мүнөздүү. Ырлары дүйнөнүн



Н. Н. Блохин.



В. К. Блюхер.

көп тилдеринде басылып чыккан. Б-тун айрым чыг-лары кыргыз тилине которулган.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—12, Л., 1932—36; Танд. ырлар жана поэмалар, Фр., 1974.
Об.: Жирмунский В. М., Поэзия А. Блока, П., 1922; Орлов Вл., Александр Блок, М., 1956.

БЛОК Жан Ришар (1884—1947)— француз жазуучусу, коомдук ишмер. Франция компартиясына мүчө (1921). «Азоолор» (1910) пьесасын, «Леви» (1912) ацгемелер жыйнагын жазган. Б. Окт. рев-ясынын тарапкери болгон. Р. Роллан м-н бирге «Эроп» аттуу прогрессчил журналды негиздеген (1923). Б.— бурж. коомдогу оор турмушту сүрөттөгөн «Жүк ташуучу пароходдо» (1924), «Курд түнү» (1925), «Жер жаңгагы менен банандар» (1929) аттуу документ повесттердин, иск-во м-н коомдун карым-катнашын изилдөөгө арналган «Маданияттын жаралышы» (1936) эмгегинин автору. Анын «Москва — Париж» (1947) аттуу китеби ж-а сүйлөгөн сөздөрүнүн жыйнагы («Оккупацияланган Франциядан куралданган Францияга чейин», 1949) чыгып, бул китеп Тынчтыктын Алтын медалына татыктуу болгон (1950).

Об.: Арагон Л., Ж.-Р. Блок, Собр. соч., т. 10, М., 1961.

БЛОКИНГ-ГЕНЕРАТОР— мезгилди м-н кайталанып туруучу аз убакыттык импульсту пайда кыла турган, терең тескери байланышы бар бир лампалуу же бир транзистордуу генератор. Б.-г-до күчтүү оң тескери байланыштын бардыгы импульстун башталып улам күчөшүндө ж-а басандашында электрондук лампадагы токтун күчүн тез көбөйтүү ж-а азайтып турат. Импульстун узактыгы (0,05—25 *мксек)* конденсатордун заряддалуу убакыты ж-а трансформаторлордун параметрлери м-н, ал эми импульстардын аралыгындагы убакыттын узактыгы конденсатордун резистор аркылуу разряддалуу убакыты м-н аныкталат. Конденсатордун сыйымдуулугун өзгөртүү м-н импульстун узактыгын жөнгө салууга болот. Б.-г. өзү термелме ж-а сыртан башка импульс термелтүүчү болуп айырмаланат. Б.-г. импульстук техникада, теле көрсөтүүчү ж-а радиолокац. түзүлүштөрдө, жыштык болгутторде колдонулат.

БЛОХИН Николай Николаевич [21. 4(4. 5). 1912-ж. т.] — сов. хирург-онколог, СССР мед. ИАнын президенти (1960—68) ж-а акад. (1960). 1948-жылдан КПССтин мүчөсү. Б. Горький мед. ин-туп (1934) бүтүргөн, ошол ин-ттун проф. (1947). СССР мед. ИАнын Экспериментттик ж-а клиникалык онкология ин-тупа (1952) директор. Анын *онкология, аскердик талаа хирургиясы,* пластикалык ж-а калыбына келтирүүчү хирургия, *травматология,* мед. илиминин уюштуруу иштери ж-дө көп эмгектери бар. Ал карын, көтөн чучук ж. б. мүчөлөрдүн *рак* оорусунда жасалуучу пластикалык операциянын өзгөчө методун ачкан. Б-дин «Тери пластикасы» деген монографиясы (1955) СССР мед. ИАнын Н. Н. *Бурденко* атн. сыйлыгына арзыган. Б. рак оорусуна каршы эл аралык союздун президенти (1966), Польша ИАга мүчө, Нью-Порк ИАга анык мүчө. СССР Жог. Советинин (7—8-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЛЮМИНГ, блуминг — массасы 12 *т* ж-а андан да ашык келген жоон болот уютмасын кысып, сомдоп блюмга (туурасынан кесилишинин бир жагы 140 *мм* ден ашык келген квадрат формасындагы 4 кырдуу устун) айландыруучу кубаттуу ж-а жог. өндүрүмдүү прокат станы. Бессемердик болот куймаларын кысып сомдоого арналган 1-үч валдуу трио-станын А. Холлей (АКШ) 1871-ж. колдонгон. СССРде Б. 1931-жылдан бери даярдалып, сов. биринчи Б. 1933-ж. Макеевка металлургия з-дунда орнотулган. Б. сомдоочу валдардын диаметрине карата мүнөздөлүп, анын бир клеттүү (2 валдуу реверсивдүү дуо-стан ж-а 3 валдуу реверсивсиз трио-стан), коштолгон (дуо-клеттен экөө удаалаш орнотулган) түрлөрү пайдаланылат. Бир Б-дин составына жумушчу клеть, электр киймылдаткычтар, сомдоочу валды киймылга келтирүүчү механизмдер кирет. Металлургия з-дунда Б. болот эритүүчү ж-а заготовканы сомдоочу цехтердин ортосундагы звено катары эсептелет.

БЛЮМИНГ-СЛЯБИНГ — оор металл уютмаларын жалпак кылып сомдоп, жука тунуке даярдоочу же туурасынан кесилиши тегерек, квадрат формасындагы профилдүү штанга, устун, рельс жасала турган заготовкаларга (блюмдарга) айландырып, сомдоочу универсал прокат станы. Б.-с. сорттуу прокат ж-а тунуке жасоочу з-ддо колдонулат. Б.-с-дин механизмдеринин жайланышы негизинен *блюмингге* окшош, бирок валдарынын жумушчу участокторунун узундугу м-н жог. валдын көтөрүлүү бийиктиги бир кылка чоң келет. Заготовканы 90°ка оодаруучу аппараттар Б.-с-дин 2 жагында жайланышкан. Слябдарды кесүүчү кайчынын кесүү күчү блюмингдеги кайчыга салыштырганда бир кылка жогору болуп, 30 *Мн* го (3000 *тк)* жетет.

БЛЮХЕР Василий Константинович (19. 11. 1890—9. 11. 1938)— сов. аскердик ж-а парт. ишмер. Сов. Союз. Маршалы (1935). 1916-жылдан КПССтин мүчөсү. Ярослав губ-да дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жумушчуларды иш таштоого чакыргандыгы үчүн түрмөгө камалган. 1-дүйн. согушка катышкан. 1915-ж. Казанда, Сормоводо слесарлык кылган. 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин Самара парт. уюмунун чечими б-ча солдаттардын арасында рев-ячыл иш жүргүзүү үчүн Самарадагы 102-запас полкуна ыктыярдуу кирет. Самарада Совет бийлигин орнотууга активдүү катышат, ноябрдын аягында Челябинскиге кызыл гвард. отрядга комиссар болуп жиберилет, андан кийин ревкомдун, 1918-ж. мартта Советке пред-ль болуп шайланат. Дутовдун бандасына каршы күрөшөт. Чехосл. корпустун козголоңунан кийин Оренбургдун жанында курчоодо калган сов. аскерлерге башчы болуп, Уралда (1500 *км)* баатырдык рейд жасайт да, сентябрда 3-Кызыл Армияга кошулат. 3-Армияга командачылык кылып, Колчактын аскерин талкалайт. 1920-ж. Каховканы коргоого, Перекопту алууга катышат. 1921—22-ж. Ы. Чыгыш Эл Респ-касынын аскер министри, Элдик рев-ячыл аскерлерине башкы командачы, Аскердик советтин мүчө; армияны кайра түзүүгө ж-а Волочаевскинин жанында ак гвардиячыларды талкалоого жетекчилик кылган. 1924—27-ж. Гуанчжоудагы (Кантон) Кытай рев-ячыл өкмөтүнүн алдында башкы аскердик кеңешчи болуп турган. 1929—38-ж. Ы. Чыгыштагы Кызыл Туулуу атайын армияга командачы, 1929-ж. совет-кытай чатагы чыкканда, кытай милитаристтерин талкалоого ж-а Ы. Чыгышта кубаттуу коргонууну түзүүгө жетекчилик кылган. Б. таланттуу ж-а эркттүү, өтө мээнеткеч, мээримдүү аскер жетекчиси болгон. Партиянын 17-съездинде (1934) ВКП(б) БКнын мүчөлүгүнө кандидаттыкка шайланган. 1921—24-ж. ББАКтын, 1930—38-ж. СССР БАКтын мүчөсү, СССР Жог. Советинин (1-шайл.) депутаты. Б. биринчи болуп Кызыл Туу ж-а Кызыл Жылдыз ордендерин алган, кийин Ленин ордени ж. б. ордендер м-н сыйланган.

Чыг.: Статьи и речи, М., 1963.

БОБРОВ Всеволод Михайлович (1. 12. 1922-ж. т.)— сов. спортсмен (футболчу, хоккейчи), спортко эмг. сиң. мастер (1948), СССРдин эмг. сиң. тренери (1967), Сов. Армиянын офицери. 1953-жылдан КПССтин мүчөсү. СССРдин 1945—46-ж. топ м-н ойнолуучу хоккей, 1946—48-ж. футбол, 1948—49, 1950—52, 1955—57-ж. шайба м-н ойнолуучу хоккей б-ча дүйнөнүн (1954, 1961), Европанын (1954—56), Кышкы Олимпиада оюндарынын (1956. шайба м-н ойнолуучу хоккей) бир нече жолку чемпиону. Шайба м-н хоккей ойноо б-ча дүйн. чемпионатта (1954) мыкты чабуулчу катары баалангап. Б. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОБРУЙСК—БССРдин Могилёв облна караштуу шаар. Березина д-дагы пристань. Калкы 138 миң (1970). Шоссе ж-а т. ж. тоому, фанера-жыгач иштетүү комбинаты, мебель чыгаруучу ф-калар ж-а машина куруучу а-ддору бар. Химия (резина ж-а автомоб. шиналары) жеңил ж-а тамак-аш ө. ж-ларын өнүккөн. Курулуш материалдары чыгарылат. Резина ө. ж. ж-а токой чарбасына адис даярдоочу техникумдар, 3 театр ж-а край таануу музейи бар.

БОВЕРИН — өсүмдүк зыянкечтерине каршы пайдаланылуучу биол. препарат. Боз порошок. Б. колорад коңузу, алма ж-а магалеб күбөлөрүнө ж. б. зыянкечтерге каршы колдонулат. 0,5—0,75 *кг* препарат сууга ж. б-га эритилип, 1 *га* аянтка чачылат. Даяр эритмени 1 саатта пайдалануу керек.

БОГАЗКӨЙ АРХИВИ—Байыркы Хетт мамлекетинин эски борбору Хаттусастын ордуна салынган Богазкёй (Түркияда) ш-нан табылган архив. Анда көбүнчө хеттче жазуусу бар 15 миңден ашуун чопо буюм сакталган. Саясий ж-а тарыхый мазмундагы кээ бир тексттер аккад тилинде, ал эми ритуалдык текст үзөндүлөрү Байыркы К. Азиянын башка байыркы тилдеринде жазылган. Б. а-де падышалык *анналдар, хроникалар,* указдар, бүтүмдөр, падышалардын тизмеси, дипл. каттар, закон маалыматтары, сот токтомдору, диний тексттер, шумер-аккад-хетт сөздүктөрү ж. б. бар. Алардын көпчүлүгү б. з. ч. 14—13-к-га таандык. Б. а-н 1906—12-ж. Г. Винклер таап, археол. казууларды жүргүзгөн. Азыр да изилдөөлөр жүрүп жатат.

БОГАТЫРОВКА — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Липенка сельсоветине караштуу кыштак. Фрунзе атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Покровкадан 28 *км* чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 210 *км.* Калкы 858 (1972). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, төрөт үйү, медпункт бар.

БОГДАНОВ (өз аты-жөнү — Малиновский) Александр Александрович [10(22). 8.1873—7.4.1928] — орус идеалист философу, экономисти, саясий ишмери, илимпоз-табият таануучу. Харьков ун-тинин мед. ф-тетин бүтүргөн (1899). 1896-жылдан с.-д. партиянын мүчөсү. 1903-жылдан большевиктерге кошулган. РСДРПнин 3-, 4-, 5-съезддеринде БКга шайланган. Ушул мезгилде эле Б. м-н В. И. Лениндин ортосунда теориялык пикир келишпестиктер пайда болуп, 1909-ж. фракциячыл иш-аракети үчүн партиядан чыгарылган. Б. марксизмди ревизиялоого аракет кылып, «коомдук бытие биринчи, коомдук аң-сезим экинчи» деген маркстик жобону эскирди деп, аны «коомдук бытие м-н коомдук аң-сезим бирдей» деген субъективдүү идеалисттик жобо м-н алмаштырууга далалаттанган. В. И. Ленин *«Материализм жана эмпириокритицизм»* деген эмгегинде Б-дун идеалисттик көз караштарын ашкерелеген. Б. Окт. рев-ясын улуу жеңиш деп эсептесе да, анын түпкү маңызын түшүнө алган эмес. 1918-ж. *Пролеткультун* идеологу болгон, 1921-жылдан геронтология ж-а гематология жагынан ил. изилдөө иштерин жүргүзгөн. Б. дүйнө жүзүндө 1-кан куюу ин-тун (Азыркы Ленин ордендүү Борб. гематология ж-а кан куюу ин-ту) уюштурган ж-а ага директор болгон. Ал кан куюу б-ча өзүнө тажрыйба жасоодо каза болгон.

БОГДАНОВ Семен Ильич [17(29). 8. 1894 — 12. 3. 1960]— бронетанкалык аскер маршалы (1945), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945). 1942-жылдан КПССтин мүчөсү. 1915-жылдан армияда, 1-дүйн. согушка катышкан, прапорщик (1917). 1918-жылдан Сов. Армияда. Москвадагы жог. аскердик-пед. мектепти (1923), «Выстрел» курсун (1930), Аскер академиясындагы механикалаштыруу ж-а моторлоштуруу курсун (1936) бүтүргөн. Улуу Ата Мек. согушта танкалык аскерлерге командачы. Корсунь-Шевченко, Белорус, Висла-Одер, Чыг. Померания ж-а Берлин операцияларына катышкан. 1956-жылдан отставкада. СССР Жог. Советинде (2—4-шайл.) депутат. Ленин ордени, 4 Кызыл Туу, 1—2-дараж. Суворов ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОГДАНОВА Медине Искандеровна (1908—1962)— орус совет ад-тчысы, О. Азия ж-а Каз-н элдеринин ад-ттадуктөрү ж. б. бар. Алардын көпчүлүгү б. з. ч. 14—13-к-га таандык. Б. а-н 1906—12-ж. Г. Винклер таап, археол. казууларды жүргүзгөн. Азыр да изилдөөлөр жүрүп жатат.



И. Богдеско. Сүйгөнүнө шашкан Земфира. А. С. Пушкиндин «Цыгандар» поэмасына иллюстрация. 1954—56.

БОГДЕСКО Илья Трофимович (20. 4. 1923-ж. т.)— сов. график, СССР эл сүрөтчүсү (1963). 1968-жылдан КПССтин мүчөсү. Ленинграддагы И. Е. Ретпин атн. сүрөт, скульптура ж-а архит. ин-тун бүтүргөн (1951). 1953-жылдан Молд. ССРинде иштейт. Ал — А. С. Пушкиндин «Цыгандарына» (кара акварель, 1956), молдаван эл балладасы «Миорицага» (акварель, темпера, 1966) жазылган лирикалуу, чыгалыкты эмоциялуу иллюстрацияларын, «Менин мекеним» (1961—63) деген түстүү линогравюралар сериясынын автору. Б. Молд. ССР Мамл. сыйлыгын алган (1966), Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

БОГДО-ГЭГЭН, Богдо-хан (монг. Богдо — абдан каалаттуу, ыйык; гэгэн — жарык)— Монголиядагы лама чиркөө башчысына берилө турган титул. Ламаизм дини үстөмдүк кылган кезде (17-к-дын ортосу) кабыл алынган. 1641-ж. Ундур-гэгэн биринчи Б.-г. болуп жарыяланган. Тышкы Монголия автономия болуп турган мезгилде (1911—19) соцку (сегизинчи) Б.-г. Чжебзундамба-хутухта (1870—1924) анын теократиялык башкаруусу болгон. Монгол эл рев-ясынан (1921) кийин анын укугуна чек коюлган (чечүүчү роль элдик өкметтүн колунда болгон). 1924-ж. ал өлгөндөн кийин Монголия элдик респ-ка болуп жарыяланды.

БОГЕМИЯ (Boiohaemum — бойилер өлкөсү) — 1) Чехия мамлекети түзүлгөн терр-янын алгачкы аты; 2) Габсбургдар империясына кирген 1526—1918-жылдагы Чехиянын (нем. Böhmen) офиц. аталышы.

БОГОК (адамда)— калкан безинин чоңоюшу. Б. көбүнчө организмде йоддун жетишсиздигинен пайда болот. Ар түрдүү жерлерде эндогендик (ички) себептерден организмде йоддун аздыгынан спородикалык Б. кездешет. Кээ бир биогеохим. провинциялардагы абада, сууда, топуракта, тамак-ашта йоддун жоктугунан эндемиялык Б. жолугат. Буя түрү бардык өлкөлөрдө кездешет. Кыргызда элдин 36% де эндемиялык Б. болгон. 1955-ждан ага каршы жүргүзүлгөн иш чаралардан кийин азыр 18, кээ бир р-ндордо 5—8% ке төмөндөдү. Оорунун белгилерине калкан безинин чоңоюшу кирет. Чоңдугу б-ча 5 баскычтан турат. 1—3-баскычтагы Б-ту йоддуу дарылар, 4—5-баскычы операция жолу м-н дарылайт. Оз убагында дарылапбаган Б-тун 8—12% рак оорусуна айланып кетиши мүмкүн. Эндемиялык Б-ту тузга йод кошуп иччүү ж-а йод препараттары м-н жоюу керек.

БОГОЛЮБОВ Николай Николаевич



Н. Н. Боголюбов.



Н. С. Боголюбов.



А. А. Богомолец.



И. П. Бодюл.

[8(21). 8. 1909-ж. т.]—сов. физик-теоретик ж-а математик, СССР ИАның (1953; мүчө-корр. 1946), УССР ИАның (1948) акад., Соц. Эмг. Баатыры (1969). 1965-ж. Дубнадагы ядрону изилдөө б-ча биримке ин-тка директор. Б. матем. анализде жакындатып эсептөө методу, матем. физика, сызыктуу эмес механиканын асимптоталык методу, динамикалык система теориясы, статистикалык физика ж-а талаанын квант теориясы б-ча ил. иштерди жүргүзгөн. Чет өлкөлүк бир нече академияга мүчө. СССР Жог. Советинин (7—8—9-шайл.) депутаты. СССР Мамл. (1947, 1953) ж-а Лениндик сыйл. (1958) лауреаты. 5 Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Новый метод в теории сверхпроводимости, М., 1958 (соавтор); Основы аксиоматического подхода в квантовой теории поля, М., 1969 (соавтор).

Ад.: Боголюбов Н. Н. (к шестидесятилетию со дня рождения), «Успехи математических наук», 1969, т. 24, в. 4 (148).

БОГОЛЮБОВ Николай Семенович — (1905-ж. т., Москва ш.)—коомдук ж-а парт. иштмер. Кызматчынын үй-бүлөсүнөн. 1925-жылдан КПССтин мүчөсү. 1924—25-ж. кызыл үй башчысы, ВЛКСМ укомуна инспектор. 1925—28-ж. ВКП(б) Волоколамск укомунда иштейт. 1928—32-ж. Москванын о. ж. ишканаларында иштеп журуп, жумушчу ф-тетин бүтөт. 1932—34-ж. механика-машина куруу ин-тунда окуган. 1934-ж. Карагында обл-дагы эт-сүт с-вунун саясий бөлүмүнө башчы. 1936—38-ж. Каз-н КП(б) Келлеровский ж-а Шучинский райкомунун биринчи секретары, кийин Түн. Каз-н обкомунун үчүнчү секретары. 1939—45-ж. Каз-н КП(б) БКнын үчүнчү, Семипалатинский, Алматы, Чыг. Каз-н обкомунун биринчи секретары. 1945-жылдын июлунан 1950-жылдын июлуна чейин Кырг-н КП(б) БКнын биринчи секретары. СССР Жог. Советинин (2—3-шайл.), Казак ССР Жог. Советинин (1-шайл.), Кырг. ССР Жог. Советинин (2-шайл.) депутаты. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОГОМОЛЕЦ Александр Александрович [12(24). 5. 1881—19. 7. 1946]—сов. патофизиолог ж-а коомдук иштмер, СССР ИАның акад. (1932) ж-а вице-президенти (1942), УССР ИАның (1929), БССР ИАның (1939), СССР мед. ИАның (1944) акад., ГССР ИАның ардактуу мүчөсү (1944). РСФСРдин илимге эмг. сиң. иштмери (1935), Соц. Эмг. Баатыры (1944). 1906-ж. Одессадагы Новороссийск ун-тин бүтүргөн. 1911—25-ж. Саратов ун-тинин, 1925—31-ж. 2-Москва ун-тинин мед. ф-тетинин проф. 1928—31-ж. Гематология ж-а кан куюу ин-тунун директору, 1930—46-ж. УССР ИАның президенти; ошол эле мезгилде УССР ИАның Эксперименттик биол. ж-а патология, Клиникалык физиол. ин-ттарынын директору. Б-тин эмгектери патологиялык физиология, эндокринология, *вегетативдик нерв системасы, онкология* ж-а өмүрдү узартуу маселелерине арналган. Ал организмге кан куюунун таасири ж-а канды узакка сактоо ж-дегү иштерге жетекчилик кылат. СССР Жог. Советинин (1—2-шайл.) депутаты. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1941), 2 Ленин ордени, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Сиротинин Н. Н., А. А. Богомолец, М., 1967.

БОГОРОДИЦКИЙ Василий Алексеевич [7(19). 4. 1857—23. 12. 1941]—сов. тилчи. Казань ун-тинин проф. ж-а СССР ИАның мүчө-корр. (1915). Б.— *Бодуэн де Куртенэнин* шакирти. Ал негизинен жалпы тил илими, эксперименттик фонетика, индоевроп. тилдердин салыштырма грамматикасы, орус, славян, балтика, роман, герман ж-а түрк тилдери б-ча изилдөөлөр жүргүзгөн. Б. 1-болуп адамдардын сүйлөөсүндөгү үндөрдү эксперимент жолу м-н изилдеп чыгып, Россияда (Казань ун-тинде) экспериментгик фонет. лабораториясын негиздеген. «Орус тилиндеги басым түшкөн үндүүлөр» (1884), «Орус адабий сүйлөө речине карата колдонулган эксперименттик фонетиканын курсу» (1917), «Орус тилинин фонетикасы» (1930), «Орус грамматикасынын жалпы курсу» (1935) деген ил. эмгектердин автору. Ал «Татар жана түрк тил илимине киришүүдөгү этюддар» (1933), «Түрк тилдерине байланыштуу татар тилинин кириш бөлүмү» (1934), «Татар тил илимининн ил. маселелери жөнүндө» (1935) ж. б. эмгектери м-н түрколог катары да белгилүү.

Чыг.: Введение в татарское языкознание в связи с другими тюркскими языками, 2 изд., Казань, 1953.

БОГОТА, Санта-Фе-де-Богота — Колумбиянын борбору. Чыг. Кордильердин бат. капталындагы ороондо, 2600 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 2663 миң (шаар айланасы м-н, 1972). Т. ж., шоссе ж-а аба жолдорунун тоому. Маанилүү экон., саясий ж-а маданий борбор. Тамеки, токуу, химия, тигүү, бут кийим, электр тех. ж. б. ишканалары бар. Б-ны 1538-ж. испандыктар негиздеген. 1598-ж. испан генерал-капитандыгынын, 1738-жылдан Жаңы Гранада вице-королдугунун борбору. 1819-ж. С. *Боливардын* жетекчилиги м-н испандардын үстөмдүгүнөн бошотулган. 1866-жылдан Колумбия Республикасынын борбору. Б-да Боливар аянтында собор (1572—1610), Санто-Доминго, Сан-Франциско, Сан-Игнасио чиркөөлөрү, ун-т ж. б. жогорку окуу жайлары, бир нече музейи бар.



Богота кечелеруун бири.

БОГОУТДИНОВ Алаутдин Махмудович (1911—1970)— сов. философ, филос. илимд. доктору (1951), профессор (1952), Тажик ССР ИАның акад. (1953), Тажик ССРинин илимге эмг. сиң. иштмери (1961). 1941-жылдан КПССтин мүчөсү. Самаркандагы Өзбек педагогика академиясын бүткөндөн кийин (1931) марксизм-ленинизм филос. б-ча ил.-пед. иштерди жүргүзөт. 1950—61-ж. Тажик ССР ИАның филос. секторуна башчы, 1955—62-ж. Тажик ун-тинде филос. кафедрасына башчы, 1962—70-ж. Таж-н КП БКнын алдындагы Партия тарыхы ин-туна

директор. Феодализм доорундагы тажик ж-а араб филос. тарыхы, О. Азия парт. уюмдарынын тарыхы б-ча эмгектердин автору. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: К вопросу о консолидации таджикской нации, Сталинабад, 1957; Очерки по истории таджикской философии, Душ., 1961; Материалы по истории Компартии Таджикистана (Сборник), Душ., 1963.

БОГУСЛАВСКИЙ Войцех (9. 4. 1757—23. 7. 1829)— поляк актёру, режиссёр, драматург ж-а театр иштмери. Польшанын драма ж-а муз. театрларына негиз салгандардын бири. 1762—70-ж. Варшавада окуган. Сахналык иштин 1778-жылдан баштаган. 1785-ж. Польшанын, Галициянын, Россиянын бат. губернияларынын шаарларына гастролго барган. Б. опералык ж-а драмалык спектаклдерде бирдей ойногон, Шекспирдин пьесаларынан Король Лир м-н Гамлеттин, Сальеринин «Аксур» операсынан Аксурдун ролун аткарган. 1811-жылдан «Драма мектебинде» педагог болуп иштеген.

БОДЕН КӨЛҮ — Альпынын түндүгүндөгү көл. 395 *м* бийиктикте, ГФР, Швейцария ж-а Австрияның чек арасында жайгашкан. Аянты 538 *км²*, туурасы 14 *км*, уз. 63 *км*. Эң терең жери 252 *м*. Жээгинин көпчүлүк бөлүгү доцсөөлүү келип, түш.-чыгышы бийик, аскалуу. Б. к. аркылуу Рейн д-сы агат. Баалуу балыктар (форель, налим) бар. Кеме жүрөт. Чоң шаарлары ж-а курорттору: Констанц, Фридрихсхафен, Линдау (ГФР), Брегенц (Австрия).

БОДЛЕР Шарль (1821—1867)— француз акыны. Чыг-лары 1840-жылдан жарыялана баштаган. «1845-жылдагы салон» (1845), «1846-жылдагы салон» (1846) брошюраларынын автору. 1848-жылдагы рев-яга катышып, реакциячыл романтиктерге ж-а «Парнас» тобунун теорияларына каршы чыккан. Б. 50-жылдардын орто ченинде Т. Готьенин, Э. Попун, парнасчылардын («Сулуулук» сонети, 1857) таасиринде жүргөн. Б. «Ицир», «Таң» деген ырларында эмгекчи эл м-н бактысыздарга тилектеш экендигин билдирет. Луи Бонапарттын көтөрүшү Б-дин социалдык прогресске болгон ишенчин арсарлантkан («Жаманлык гүлдөрү», 1857). Б. айрыкча «Эстетикалык сейректик» (1868) жыйнагы ж-а «Айрым француз карикатуристтери» (1857—58), «Эжен Делакруанын өмүрү жана чыгармачылыгы» (1863) деген очерктери м-н көрөгөч сынчы катары да таанылган.

Ад.: История французской литературы, т. 2, М., 1956.

БОДО — жылкы, уй, топоз ж-а тоонун жалпы аты.

БОДУЭН ДЕ КУРТЕНЭ Иван Александрович [1(13). 3. 1845—3. 11. 1929] — орус-поляк тилчиси, славян, индоевропа ж-а жалпы тил илими б-ча адис; Казань, Петербург лингв. мектептеринин негиздөөчүсү. Казань (1875—83), Юрьев (азыркы Тарту, 1883—93), Краков (1893—99), Петербург (1900—18), Варшава (1918—19) ун-ттеринин проф. Краков ИАның акад. (1887) ж-а Петербург ИАның мүчө-корр. (1897). Б. де К-нин негизги эмгектери фонет. алмашуулар м-н фонеманын теориялык түзүлүшүнө арналган. Ал изилдөөлөрдө *синхрония* м-н *диахрония* ажыратуу принцибин сактаган, тилдин өнүгүшүндөгү айрым закон ченемдер аныктаган. Б. де К.—орус ж-а поляк тили, түш. славян диалектологиясы б-ча базалуу эмгектердин автору. Б. де К. В. И. Далдын «Азыркы улуу орус тилинин түшүндүрмө сөздүгү» аттуу эмгегин редакторлоп, аны жаңы материалдар м-н толуктаган (3-бас. 1903—09; 4-бас. 1912—14).

Чыг.: Избр. труды по общему языкознанию, т. 1—2, М., 1963.

Ад.: П. А. Бодуэн де Куртенэ. 1845—1929. (К 30-летию со дня смерти), М., 1960 (полная библ.); Богородицкий В. А., Казанская лингвистическая школа, «Тр. Московского ин-та философии, литературы и истории», 1939, т. 5.

БОДЮЛ Иван Иванович (3. 1. 1918-ж. т., УССРи, Николаев обл., Александровка с.)— сов. партиялык ж-а мамл. иштмер. 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Вознесенск агротехникумун (1937), Аскердик вет. академиясын (1942), КПСС БКнын алдындагы Жог. парт. мектепти (1958) бүтүргөн. 1941-жылдан согушун жаткан Сов. Армияда командирлик кызматта болгон. 1946—48-ж. Молд. ССРинин Мин. Советинде жооптуу кызматта, 1948—51-ж. СССР өкмөтүнүн алдындагы колхоз иштери б-ча советтин өкүлү, 1951-жылдан райкомдун биринчи секретары, 1958—59-ж. КПСС БКнын парт. органдар бөлүмүнүн инструктору. 1959—61-ж. Молд. КП БКнын экинчи, 1961-жылдан май айынан аны биринчи секретары. КПССтин 23—24-съездеринде КПСС БКнын мүчөсү болуп шайланган. СССР Жог. Советинин (5—9-шайл.), Молд. ССР Жог. Советинин (5—9-шайл.) депутаты; үч Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОЕК ӨСҮМДҮКТӨРҮ — боёк заттуу өсүмдүктөр. Боёк зат өсүмдүктүн каабыгында, жалбырагында, мөмөсүндө, тамырында, гүлүндө, бүчүрүндө ж-а уругунда болот. Б. ө-нүн көпчүлүгү кымыздыктар, талдар, бук ж. б. өсүмдүктөр тукумуна кирет. Алардын бөктүк таанид заты көп ж-а о. ж-лык маанини бар. Мис., квебрахо дарагында 20—23, мангр өсүмдүгүнүн кабыгында 20, эвкалипте 3—20, акацияда 35% таанид болот. Азыр Б. ө-нүн аянты кеңейтилип, Өзб-н м-н Каз-нда атайын с-здор түзүлүүдө. Украинада, СССРдин ж. б. жерлеринде да Б. ө. эгилип жатат. Кыргыз эли түрдүү өсүмдүктүн кабыгын, түбүн ж-а ашын тери, жип, тон, жүн боёодо кеңири пайдаланган.

БОЕКТОР — кездеме, тери, куну (баалуу тери), кагаз, пластмасса, резина боёчу түстүү орг. бирикмелер. Б. байыркы заманда эле белгилүү болгон. Табигый Б. көбүнчө өсүмдүктөрдөн (ализарин, индиго), кээде жаныбарлардын организминен (пурпур) алынган. 19-к-дын ортосунда сапаттуу синтет. Б. көп чыгарылып, табигый Б. колдонулбай калды. Б-дун сапаты алардын молекулаларынын хим. түзүлүшүнө байланыштуу. Алардын түзүлүшүнүн өзгөрүшү м-н түсү да өзгөрөт. Б. хим. ж-а тех. жактан классификацияланат. Хим. түзүлүшү б-ча азо боектор, нитро боектор, кукурттуу, индиго, антрахинон ж. б. топторго бөлүнөт. Тех. жактан материалдарды боёо процесстери, аны колдонуу шарттары б-ча түздөн-түз боёочу, кислоталык, негиздик, булгаары, ацетат жибегин, синтет. булаларды боёочу, пигменттер, лактар болуп бөлүнөт. Б. боёо иштеринде, кинематографияда ж-а фотографияда, аналит. химияда, медицинада, типографияда колдонулат.

БОЕО — текстиль материалдарына, кагазга, терине, пластмассаларга түрдүү түс берүү. Орус илимпозу В. Г. Шапошников (1896-ж.) Б-нун ар түрдүү жолдорун тапкан. Б-нун түрлөрү көп, аның сапаты боёлуучу материалдар м-н боёктун физ.-хим. касиеттерине байланыштуу. Жүн, пахта булаларын ж-а капрон, жибек материалдарын Б. атайын ваннада жүргүзүлөт. Булгаарыны боёо бөбек эритмесине боёкту тегиздеп, сиңирүүчү зат кошуу аркылуу ишке ашырылат. Материалдар бир өңдөп боёлсо, бир түстүү Б.; кездемелерге саймалуу, оймо-чиймелүү, гүлдүү суреттерду түшүрсө, басма же сайма Б. деп аталат. Техникада боёлуучу материалдын салмагынын ваннадагы боёк эритмесинин салмагына болгон катышы ваннанын модулу деп аталат. Даяр материалдарды: кездеме, жип, токулган торду да Б-го болот. Б-ну туура ж-а рационалдуу жүргүзүү боёлгон материалдын бышыктыгын жогорулатат.

БОЗ КАРАГАН (Atraphaxis) — өсүмдүктүн кымыздыктар тукумундагы уруусу. Бадал же бадалча, жаш бутактары күзүндө узун тикенге айланат. Жалбырагы калың, катуу, түсү бозомук, көгүш жашыл. Гүлү 2 жыныстуу. Уругу — жаңгакча. Борб. Азияда, Жер Ортолук деңизинин жээктеринде таралган. СССРде 18, Кырг-нда 7 түрү каксоо, таштак тоо беттеринде, жарым чөлдөрдө, агын суулардын кумдуу жээктеринде өсөт. Бат. Европада A. Muschketovii эзелтен бери коюз бадал катары өстүрүлөт. Көэ бир түрлөрү малга тоют болот.

БОЗ КОНОРЧОК (Nitraria) — жуп жалбыракчандар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бийикт. 0,5—2 *м* бадал. Жоңокой жалбырактары калың, сабакка кезектешип жайгашат. Топ гүлү — бурулча, түсү сары же ак, 5 мүчөлүү. Аталыгы 10—25. Мөмөлүүгү 3 уялуу, чаңдагычы 3 болуктүү. Мөмөсү ширелүү. Жер жүзүндө 8 түрү

белгилүү, алар Австралия, Африка, Палестинада кездешет. СССРде 3, Кырг-нда сибирь Б. к-гу (N. Sibirica) ж-а шобер Б. к-гу (N. Schoberi) тоо этектеринин ак топурактуу, шордуу ж-а кумдак жерлеринде өсөт.

БОЗ КЫРОО — 1) кеч күздө түшүүчү бубак, к. *Кыроо;* 2) кеч күз.

БОЗ ӨРДӨК, к. *Өрдөктөр.*

БОЗ ТОПУРАК — субтропик тилкелериндеги чөл, чөл талаада кездешүүчү топурак. Б. т. көбүнчө Америкада, Түн. Мексикада, Австралияда, Түш. Африкада, СССРде (көбүнчө О. Азия ж-а Каз-нда) жолугат. Б. т-тын үстүңкү катмары боз келет. Ал негизинен боз, нукура боз ж-а коңур боз түстүү топуракка бөлүнүп, биринчисинде 1—1,5%, экинчисинде 1,5—2,5%, үчүнчүсүндө 2,5—3,5% чиринди болот. Б. т. Кырг-нда (Кара-Суу, Сузак р-ндорунда) көп учурайт. Б. т-туу жерде пахта, жүгөрү, беде, буудай, мөмө-жемиш, кант кызылчасы, жашылча, тамеки өстүрүлөт да, орг. жер семирткичтер көп керектелет.

БОЗ ТҮШҮҮ — чаңдын, түтүндүн ж. б. заттардын топтолушунун натыйжасында атмосферанын бир аз тунарып турган абалы. Көбүнчө Б. т. чоң шаарлардын үстүндө, кыртышы өтө кургак чөлдүү ж-а жарым чөлдүү р-ндордо же ошол тараптан келген аба массаларында байкалат. Б. т. күчөгөн убагында 1 *км*, кээде ага да жетпеген аралыкта туман баскансып, атмосфера даана көрүнбөй калат.

БОЗ ҮЙ — түрк ж-а монгол элдеринин көчүрүп жүрүүчү негизги турак жайы. Ал миңдеген жыл мурун мал чарбачылыгынын алгачкы дыйканчылыктан бөлүнүшүнө байланыштуу көчүп-конуунун зарылдыгынан чыккан. Анын тарыхта эки түрү: түз жерде жашагандарга сүйрөмө, тоолуу жердегилерге — жүктөмө түрү белгилүү. Боз үйдүн жүктөмө түрүн сайма алачык м-н *алачык* сыяктуу көчүрүп жүрүүчү жайлардын андан ары өнүктүрүлгөн формасы деп болжолдоого болот. Анткени сайма алачыктын болгондугу, аны жырткычтардын терилери м-н жабышкандыгы тууралуу ил. маалыматтар бар. Алачык болсо — сайма алачык м-н Б. үйдүн ортосундагы жай. Тоолуу жерде жашаган көчмөн эл бат чечип, жеңил жүктөп, тез тигүүгө ыңгайлуу турак жайга муктаж болгондуктан, боз үйдүн уук-керегеси ичке жыгачтардан жасалып, кийиз м-н жабылган. Кийиздин кышында суукту, жайында ысыкты өткөрүүгө тоскоолдугу чоң.

Кыргыздар жашоо шартына ылайык боз үйдүн жүктөмө түрүн өнүктүргөн. Ал айрым учурда «кыргыз үй» деп аталат. Рев-яга чейин боз үй кыргыздардын негизги турак жайы болгон. Отурукташтыруу м-н коллективдештирүүнүн натыйжасында боз үй малчылардын жайлоодогу үйүнүн милдетин аткарып калды. Азыр боз үй колхоздор үчүн атайын жасалат. Анын ичине жаңы турмуштун оокаттары: меш, электр, газ, стол, кровать ж. б. кеңири кирүүдө.

Боз үйдүн жасалышы. Боз үй негизинен жыгачтан, кийиз (тутуудан), *чийден*, боо-чуудан турат. Жыгачына *түндүк, уук, кереге* ж-а *босого* кирет. Аны жыгач усталар талдан, кайыңдан жасашат. Тутуусу: *түндүк жабуу, үзүк, туурдук, эшик.* Алар адатта ак жүндөн жасалат. Боо-чуусу: түндүк жабуу боосу, жел боо, канат боо, үзүк боо, туурдук боо, кырчоо, эшик боо, уук тизгич ж-а кереге чалгыч ж. б. Боз үйдүн сырткы боолору жүн м-н кылдан эшилсе, ичкилери атайын терип-согулуп жасалат. Мындан башка эшикке ж-а кереге м-н туурдуктун ортосуна каланууччу чий согулат. Боз үйдүн көлөмү керегенин канатынын санына жараша болот. Эң кичинеси төрт, эң чоңу 12 канат же болбосо 40, 60, 80, 100, 120 баштуу деп аталат. Боз үйдүн орт. диаметри 5 *м*, коломтодон түндүккө чейинки бийикт. 4—8 *м* болот. Мындан да чоң үйлөр болгон, ал турсун эки үй да бириктирилип тигилген экен. Алардын уугун ат минип сайышкан дешет.

Боз үйдүн тигилиши. Боз үйдү адатта аялдар тиккен. Эркектер түндүк көтөрүүгө ж-а үзүк жабууга гана жардамдашкан. Адегенде кереге жайылып, канаттары бири бирине кыналып, баштары кереге чалгыч м-н чалынып, босого таякка бекитилет. Анан ача *бакан* м-н түндүк көтөрүлүп, ууктар сайылып керегенин башына байланат. Ууктар уук тизгич м-н чалынып, керегенин сыртынан чий каланат. Эшиктин боосу түндүктүн алкагы аркылуу баш босогого байланат. Анан туурдук м-н үзүк жабылып, түндүк жабуу салынат.

Боз үйдүн ичи. Үйдүн ичинин бөлүнүшү ж-а андагы буюмдардын жайланышы элдин турмушу, салтсанаасы м-н аныкталып, анын ар тарабы өзүнчө мааниге ээ болгон. Боз үйдүн так ортосу — коломто, ага казан асылат. Калган аянты болсо эшик м-н коломтого карата төр ж-а улага, эпчи жагы ж-а эр жагы болуп бөлүнгөн. Төр — үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, конок күтүлүп, адамдар жаткан. Ал жерге *ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк* сыяктуу баалуу буюмдар салынат. Жүктүн эки жагына *текче* илинет. Эпчи жак — үйдүн кире беришиндеги оң тарабы. Анда *ала бакан* орнотулуп, ашкана каланып, тамак-аш, идиш-аяк сакталып, *аяк кап, чыны кап* илинген. Эр жагы — үйдүн сол тарабы. Анда эркектердин кийими, куралы, *ат жабдык* ж. б. буюмдар коюлган. Улага — үйдүн кире бериши. Ага адатта отун жыйын, ээр-токум коюлган.

Боз үйдүн жасалгалары. Боз үйдү жасалгаларына жараша ак үй, кара үй деп экиге бөлүүгө болот. Адатта кара үйдү кедейлер, ак үйдү байманаптар м-н оокаттуулар тигишкен. Байлардын бир эмес, бир канча (чоң үй, кичине үй, конок үй, ашкана үй, өргө) үйү болгон. Булар кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн эң мыкты чыгармалары м-н кооздолгон. Мис., мыкты жыгач усталар керегенин сакнактарына, ууктун алакандарына, түндүктүн чамгарактарына, алкагына сай салып, ар түрдүү оймо-чийме салышкан. Ал эми уздар ар түрдүү түстөгү жүн м-н килемден калышпаган кооз оймо-чиймелүү чий чырмашкан. Туурдуктун башына, үзүктүн этегине ар түрдүү оюу салып, боолорунун көпчүлүгүн түрлөнтүп согушкан. Мунун баары элибиздин улуттук оймо-чиймесинин бай казынасын түзүп, азыркы мад-тыбыздын булактарынын бири болду. Ал турсун боз үй иск-вобуз м-н архитектурабыздын улуттук формасынын элементине айланды. Мунун эң сонун күбөсү катары Б. үйдүн тигилишин көрсөткөн И. Моисеевдин «Кыргыз жериндеги майрам» аттуу бийин келтирүүгө болот.

Ад.: Культура и быт колхозников киргизских селений Дархан и Чычкан, М., 1958; Абрамзон С. М., Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи, Л., 1971.

БОЗ-БАРМАК, археол. эстелик — төмөнкү палеолитке таандык турак-жай калдыктары. Рыбачье ш-на жакын жердеги Ак-Өлөң кыш-нын чыг. жагындагы Боз-Бармак тектирчесинде. Андан палеолиттик куралдар табылган. Таш куралдардын көбү анча-мынча гана жылмаланып, одоно жасалган. Ысык-Көл өрөөнүндө байыркы доордо жайгашкан адамдардын тарыхын үйрөнүүдө археологдор изилдөө жумуштарын азыр да жүргүзүп жатышат.

Ад.: Юнусалиев М. Б., Памятники каменного века на территории Киргизии, Фр., 1970.

БОЗ-БАРМАК — Кант р-нундагы Интернационал сельсоветине караштуу кыштак. Кыргыз Ала-Тоосунун этегинде. Р-ндун борбору Канттан 17 *км* түш. тарапта. Калкы 562 (1974). Башталгыч мектеп бар.

БОЗ-БЕШИК — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Оргочор сельсоветине караштуу кыштак. «Оргочор» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Покровкадан 12 *км* түн.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 194 *км*. Калкы 998 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БОЗ-БИЕК — Ош обл-нын Жаңы-Жол р-нундагы Успеновка сельсоветине караштуу кыштак. Шевченко атн. к-здун аймагында, Бозбу тоосунун этегинде. Р-ндун борбору Каравандан 10 *км* түн.-чыг. тарапта. Наманган т. ж. станциясынан 75 *км*. Калкы 558 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

БОЗ-БУЛУҢ (Сабатар) — Ысык-Көл обл-нын Ак-Суу р-нундагы Кара-Жол сельсоветине караштуу кыштак. 22-партсъезд атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 22 *км* түн.-бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 215 *км*.





Калкы 639 (1974). Башталгыч мектеп, медпункт бар.

БОЗБУ-ТОО Чаткал кырка тоосу м-н Нарын д-ныи ортосунан орун алган. Чыг. жагындагы Ат-Ойнок тоосунан Кара-Суу суусу болуп турат, бат. жагы жапыздан, Пишкаран ойдуңчасына өтөт. Уз. 40 *км*, туурасы 30—35 *км*, эң бийик чокусу — Шилби (2768 *м*). Тоонун негизин палеозой заманынын кычкыл эффузивдик порфир, туф ж-а кумдук, аки таш тоо тектери түзөт, капталдарында мезозой чөкмөлөрү жатат. Түш. этектерин кызыл чополуу палеогендин тоо тектеринен турган адырлар эзелейт. Жарым чөл, кургак ж-а шалбаалуу талаа ландшафттары мүнөздүү. Жайыттуу түш.-бат. этегинде (Майлы-Сай) нефть кени бар.

БОЗ-ДӨБӨ — соңку коло доорундагы ал жашаган турак жай урандысы. Өзгөн ш-нан 12—15 *км* түн.-бат. таранта, Яссы д-ныи сол жээгинде. Эстелик толук казылып (1967), аянты чаканыраак (40×60 *м*²) пакса дубал м-н согулган 23 бөлмөлүү турак-жай табылган. Айрым бөлмөлөрү бири бирине эшиктеш. Кээ бир бөлмөлөрдүн дубалы сыртқы дубалга, кээ бириин дубалы ортоңку дубал м-н бириккен. Турак-жайдан анын чакан короосуна чыгуучу бир гана эшиги бар. Б.-Д-дөн таштан жасалган ар түрдүү буюмдар, карапалар, айбанаттардын сөөктөрү табылган. Табылган буюмдардын чуст мад-тына окшоштугу бар.

БОЗ-КАРАГАН — Ош обл-ныи Алай р-нундагы Калинин сельсоветине караштуу кыштак. «Правда» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Гүлчөдөн 5 *км* түн. таранта. Ош т. ж. станциясынан 87 *км*. Калкы 1890 (1972). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БОЗ-КЫР КЫРКА ТООСУ — Сары-Жаз капчыгайынан Меридиан кырка тоосуна чейинки Какшаал тоо тизмегинин чыг. бөлүгү. Уз. 85 *км*, туурасы чыгышында 40—50 *км*, батышында 15—20 *км*, орт. бийикт. 5000—6000 *м*, эң бийик жери 7439 *м* (Жеңиш чокусу). Генет. тиби б-ча *геосинантиклиналь*. Негизинен палеозой заманындагы аки таш теги, сланец ж-а мрамор тоо тектеринен турат. Тоонун чыг. бөлүгү туташ жаткан кар ж-а моңгүлөр м-н капталган. Эң ири моңгүлөрү: Түш. Эңилчек ж-а аныи сол тармактары — Жылдызча, Жапайы, Комсомол ж. б.; Кайыңды, Кой-Кап, Темир-Суу (түш. капталында). Түн. капталында гляциялдык-нивалдык ландшафт басымдуулук кылат. Альпы ж-а субальпы алкактары батышында гана бар. Түш. капталы чөлдөн гляциялдык-нивалдыкка чейинки алкактардан турат.

БОЗ-УЧУК — Ысык-Көл обл-ныи Ак-Суу р-нундагы Ново-Вознесеновка сельсоветине караштуу кыштак. «Путь Ильича» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Теплоключенкадан (Ак-Суу) 23 *км* чыг. тарапта. Рыбачье т. ж. станциясынан 259 *км*. Калкы 942 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт бар.

БОЗ-УЧУК МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — Ысык-Көл обл-дагы дарылануруга жарамдуу ысык суу булактары. Пржевальск ш-нан 30 *км* чыгыш тарапта, Тескей Ала-Тоосунун түн. капталындагы Боз-Учук суусунун өрөөнүндө, деңиз деңг. 2200 *м* бийиктикте жайгашкан. Суу жерг. элге илгертеден белгилүү. Аны П. В. Денисов (1955), А. П. Ромах (1955), Н. И. Катаева (1969) ж. б. изилдеген. Булак түрүндө борб. болүгү граниттерден түзүлгөн антиклинорийдин түн. капталындагы тектон. жарака аркылуу жер бетине чыгат. Булактардын дебити 1,72 *л/сек*. Хим. составы, физ. касиети б-ча аз минералдашкан (0,8 *г/л*), азоттуу (99%), сульфат-хлорид натрий-кальцийлүү арашан сууларына кирет. Суунун темп-расы 28—30°. Туссуз ж-а даамсыз, бир аз күкүрттүү суу тек жыттанат. Составында литий, стронций ж. б. бар. Суудагы биол. активдүү компоненттер: эркин түрүндөгү CO_2 (7 *мг/л*), H_2S (7 *мг/л*), кремний к-тасы (38 *мг²/л*) ж-а радон (43,9 *эман*). Б.-у. м. с. дарычылык касиети б-ча белгилүү Кулдур (Хабаров кр.) минералдуу суусуна окшош. Сууну кыймылдоо ж-а таяныч органдарын, перв системаларын, аш казан, тери ж-а гинекология ооруларын дарылоого колдонсо болот. Азырынча жерг. эл гана пайдаланат.

Ад.: Ромах А. П., Минеральные воды Киргизской ССР, в кн.: Геология СССР, т. 25, ч. 2, М., 1955; Катаева Н. И. и др., Подземные минеральные воды Киргизской ССР, Фр., 1969.

БОЗӨ — буудайдын, таруунун, жүгөрүнүн, арпанын, сулунун шагынан чыгарылуучу ичимдик. Б. салуунун технологиясы мындай: адегенде шак сууга чыланып ачытылат (1 күн), андан кийин суу кошулуп кайнатылат. Кайнатылган шакты суутуп, үгүт (атайын өндүрүлгөн соң, кургатып тартылган буудай, таруу, арпа), бир аз ун кошуп, жакшылап аралаштырат, анан ачытқы кошулуп жылуулап жабылат. Ал ошол калыбында 6—8 *с* бою ачып турат. Мына ушундан кийин гана кайнаган суу кошуп, кездеме ж-а *аталгы* м-н же баштык аркылуу таза идишке сүзүлүп алынат. Б. сакталган убагына ж-а салынып технологиясына жараша жаш Б. ж-а кордолгон Б. деп бөлүнөт. Жаш Б-нун үгүт кошулбай жасалган түрү — сүзмө максым деп аталат.

БОЗОН (бозе-бөлүкчөлөр) — спини нөл же бүтүн сан болгон бөлүкчөлөр. Инд. физик Бозенин ысмынан аталган. Б-го жарык кванты — фотондор (спини 1), гравитондор (спини 2), туруксуз элементардык бөлүкчөлөр — мезондор ж-а бозон резонансы, жуп сандан турган фермондор (спини жарым бүтүн сан) ж-а газ молекулалары кирет. Бүтүн же нөл спини болгон квази бөлүкчөлөр да Б. болуп эсептелет. Мис., катуу заттагы ж-а суюк гелийдеги фонондор, диэлектриктердеги, жарым өткөргүчтөрдөгү экситондор.

БОЗУНАЧ (Anaphalis) — өсүмдүктүн татаал гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Көп жылдык чөп же жарым бадал. Тамыры жоон, сабагы сейрек бутактуу, түктүү. Жалбырагы жөнөкөй, сабагына кезектешип жайгашкан. Топ гүлү — калканча же шыпыргы сымал. Мөмөсү — урукча. Эки үйлүү өсүмдүк. СССРде 12, Кыргызда 4 түрү белгилүү. Алар бөксө ж-а бийик тоолордун аскалуу, шагылдуу беттеринде, бадалдардын арасында өсөт.

БОЗ-ЭМЧЕК — ГАВА-САЙ КЕНИ — Ош обл-дагы жез ж-а полиметаллдардын рудалары чыгуучу жер. Чаткал кырка тоосунун түш.-бат. капталында. Кен 9—12-к-дан тартып белгилүү. 1933—34-ж. геолог Ф. И. Вольфсон кен аймагында коргошун м-н цинктин бир нече руда түйүндөрү бар экендигин аныктаган. 1951—1964-ж. Өзбек ССР ж-а Кыргыз ССР геол. башкармалары тарабынан геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын таш көмүр мезгилинде пайда болгон доломит м-н аки таш теги ж-а эффузив тоо тектери, о. эле каледондун гранит интрузиялары түзөт. Руда халькопирит, пирит, борнит, галенит, сфалерит ж. б. сульфиддерден түзүлүп, интрузия м-н карбонат тоо тектеринин чек арасында пайда болгон скарндарда же аки таш тектериндеги жаракаларда жайгашкан. Алар негизинен гранат-волластонит ж-а гранат-пироксен скарндарына топтолгон. Рудадагы алтын дисперстик ж-а микросоңтук формада. Рудалуу скарн катмарлары түн.-чыгыштан түн.-батышты көздөй 10 *км* ден ашык созулат. Кендеги жездин орт. өлчөмү 1,1%, коргошундуку — 4% ж-а цинктики — 4,3%. Кен гранит интрузиялары м-н байланыштуу болуп, герцин металлогениялык доорунда контактуу метаморфизм (скарн) ж-а гидротермалык жолдор м-н пайда болгон. Кен азырынча казыла элек.

БОЙ ТУМАР — ар кандай оорудан сактануу максатында динге ишенген киши тагынып жүрүүчү молдо жазып берген аят. Аял төрөбөсө, балдар жакшы уктай албаса, боюнда бар аял тынчы жок болсо, адамдар ар кандай ооруларга дуушар болсо, булардын себеби түрдүү жин-перилердин таасири дешкен. Ошондуктан алар молдолорго Б. т. жаздырып, мойнуна тагып же кийминин колтугуна тигип алышкан. Ил.-атеисттик тарбиянын натыйжасында бул диний калдык дээрлик жоголуп калды.

БОЙГО БУТУРБӨӨЧҮ КАРАЖАТТАР (Contraceptica) — аялдардын ден соолугун сактоо үчүн убактылуу же алардын саламаттыгына байланыштуу төрөөго мүмкүн болбогон учурда колдонулуучу мед. каражаттар. Б. б. к. байыртан колдонулуп келе жатат.

11-к-дын 20-жылдарында *Ибн-Синанын* (Авиценна) «Врачтык илимдин канону» аттуу эмгегинде ал ж-до айтылган. Б. б. к. механикалык, хим. ж-а хим.-механикалык болуп бөлүнөт. Резинадан же металлдардан жасалган каражаттарга кафка, миспа ж-а «размес» колпачоктору кирет. Полиэтилен спиралы жатындын ичине салынып, ал 3 жылга чейин бойго бүтүүдөн сактайт. Хим. Б. б. к-га ар кандай хим. заттар, шариктер ж. б. кирет. Алар врач ж-а акушерканын жетекчилиги м-н гана колдонулат.

БОЙДОН ТҮШҮҮ, к. *Аборт*.

БОЙДУ ТОКТОТКУЧ ОРГАНДАР — адам ж-а жаныбарлардын өз денесинин мейкиндиктеги абал өзгөрүшүн кабыл алуучу органдары. Омурткасыз жаныбарларда Б. т. о. угуу ыйлаакчалары же статоцисттер түрүндө болот. Адам ж-а омурткалуу жаныбарларда алар ички кулактагы вестибулярдык аппаратта орун алган. Вестибулярдык аппарат кире бериштен ж-а ткань суюктугу (эндолимфа) м-н толтурулган жарым тегерек каналдардан турат, ал аппараттын сезгич клеткаларынын түкчөлөрү — отолиттер жаткан килкилдек массага батырылып бүтөт. Дене кыймылдаганда, эндолимфанын которулушунан кыймылга келген отолиттер сезгич клеткаларынын түкчөлөрүн дүүлүктүрөт. Дүүлүккөн сезгич клеткалар бойдун өзгөргөндүгү ж-дө мээге кабар бергендиктен, баш айланып, окшутат. Адамдарда бойду токтотуу үчүн тери, булчуң, муундун сезгичтигинин ж-а көрүүнүн да мааниси чоң.

БОЙКО Давид Васильевич (1904-ж. т.) — УССРдин Хмельницкий облнын Чемеровецкий р-нундагы Ленин атн. к-здун пред-ли (1938—41- ж-а 1944-жылдан тартып), 2 жолу Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1958). 1939-жылдан КПССтин мүчөсү. Ал башкарган колхоз 1965-ж. 1 *га* жерден 30,8 *ц* дан, 278 *ц* кант кызылча, 1966-ж. 30,3 *ц* дан, 311 *ц* кант кызылча, 1967-ж. 40,2 *ц* дан ж-а 485 *ц* кант кызылча алган. КПССтин 21-съездине делегат (1959). Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОЙКО Иван Никифорович — [11(24). 10. 1910, Винница обл., Жорнище с.] — полковник (1944), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (10. 1. ж-а 26. 4. 1944). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. 1930-жылдан Сов. Армияда. Б. бронетанкалык окуу жайын (1935), бронетанкалык курсту (1939) бүтүргөн. Халхин-Гол д-дагы согушка катышкан. Улуу Ата Мек. согушта (1941—45) батальондун командиринин орун басарынан танкалык бригаданын командирине чейин жеткен. Б. согуштан кийин бронетанкалык аскерлердин Аскердик академиясынын алдындагы академиялык курсту (1948) бүтүргөн. 2 Ленин ордени, 3 Кызыл Туу, 2-дараж. Суворов, 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОЙКОТ (англ. имение башкаруучу Бойкоттун атынан келип чыккан; Бойкоттун ырайымсыз мамилесине кыр көрсөткөн ирландиялык арендаторлор 1880-ж. ага биринчи мертебе баш ийбөө же баш тартуу чарасын колдонушкан) — саясий ж-а экон. күрөштүн бир ыкмасы. Б-тун бир нече формасы бар. 1) Э л а р а л ы к у к у к т а — бир мамлекеттин башка бир же бир топ мамлекет м-н соода, финансы ж. б. катнаштарды жасоодон баш тартышы; У л у т т а р Л и г а с ы н ы н статутунда—санкция коюунун бир түрү; О О Н д у н Уставында—тынчтыкты колдоонун мажбурлоо чарасы. 2) Э к о н о м и к а д а — имп. мамлекеттердин эл аралык экон. мамилелеринде башка элдерге экон. кысым жасоо ыкмасы. 3) Э м г е к м а м и л е с и н д е — жумушчулардын ишкана ээсине иштеп берүүдөн же ошол ишкананын продукциясын сатып алуудан баш тарткан күрөшү.

БОЙЛЬ-МАРИОТТ ЗАКОНУ — газдын негизги закондорунун бири. Турактуу темп-ра кезинде берилген массадагы идеалдык газдын көлөмүнүн *(V)* басымга *(P)* көбөйткөн көбөйтүндүсү турактуу чоңдук, б. а. $PV=\mathrm{Const}$. Турактуу темп-рада өтүүчү процесс— и з о т е р м а л ы к, ал эми анын графиги и з о т е р м а деп аталат. Бул законду англис физиги Р. Бойль (1662) ж-а француз илимпозу Э. Мариотт ачкан (1679).

БОПРО — самандан, камыштан же чийден чырмалган жабуу, төшөлгө. Ал парниктеги өсүмдүктү, кант кызылчаны жабуу, кашаа кармоо ж. б. үчүн колдонулат. Б-нун өлчөмү 2×1,5 *м*, калыңд. 6 *см*, салм. 4,5—5,5 *кг*. Бир Б-го 7—8 *кг* саман же 8—10 *кг* камыш ж-а 26—36 *м* жип кетет. Ал кол станогу же машина м-н чырмалат.

БОКИЙ Глеб Иванович [21. 6(3. 7). 1879—15. 11. 1937] — сов. мамлекеттик ж-а парт. ишмер. 1900-жылдан Компартиянын мүчөсү. Петербургда тоокен ин-тунда окуп, студенттик кыймылга катышкан. Петербургдагы «Жумушчу табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш союзунда» иштеген. 1904-жылдан РСДРПнин Петербург комитетинин мүчөсү. Петербургда 1905—07-жылдагы рев-янын катышуучусу. Бир канча жолу камакка алынып, сүргүндө болгон. 1917-жылдын мартынан РСДРП(б) БКнын Орус бюросунун мүчөсү. 1917-ж. РСДРП(б)-нин Бүткүл росс. 7-(Апрель) конф-ясынын ж-а 6-съездинин делегаты. 1917—18-ж. РСДРП(б)нин Петроград комитетинин секретары. Петроградда Окт. куралдуу көтөрүлүшүнүн катышуучусу; 1918-ж. февр.— март айларында Петрограды Коргоонун рев-ялык комитетинин мүчөсү, кийин Петроградда Атайын комиссиянын пред-ли. РКП(б)нин 8-съездинин делегаты (1918); «Солчул» коммунисттерге кошулган. 1919-жылдан Чыгыш, кийин Түркстан фронтторунун бөтөнчө бөлүмүнүн начальниги, Бүткүл росс. БАКтын ж-а РСФСР ЭКСтин Түркстан Комиссиясынын мүчөсү. 1921-жылдан ВЧКнын мүчөсү, кийин ОГПУ (Бириккен Мамл. Саясий Башкарма), НКВД (Ички иштер эл комиссариаты) коллегия мүчөсү, ВКП(б)нин 15—17-съезддерине делегат. Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.



Д. Боккаччо.

БОККАЧЧО Джованни (1313—21. 12. 1375) — итал. жазуучу. *Кайра жаралуу* доорундагы гуманисттик ад-ттын баштоочуларынын бири. Оокаттуу үй-бүлөдөн чыккан. Латын, грек тилин билген. Ал алгачкы чыг-ларында (ырлар, поэмалар, роман) рыцарлык ад-ттын салттарын, байыркы гректер м-н римдиктердин мифол. сюжеттерин кеңири пайдаланган. Буларда сүрөттөөнүн реалисттик багыттары басымдуулук кылат. Б-нун атагын чыгарган чыгарма — «Декамерон». Ал элдик анекдот, уламыш, оозеки аңгемелердин негизинде өз алдынча новеллалар катары жазылган. Китептин негизги пафосу — католик чиркөөсүн ж-а дин кызматчыларын шылдыңдоо. Б-нун чыг-лары Италиядагы Кайра жаралуу доорундагы мад-ттын өнүгүшүнө зор таасирин тийгизип, новеллалары бүткүл Европа ад-тында реализмди калыптандырууда чоң роль ойногон.

Ад.: История зарубежной литературы, 2 изд., М., 1959.

БОКС (англ. box — согуу, уруу) — спорттун бир түрү; эки спортсмендин атайын эреже б-ча мушташы. Алгачкы Б. 5000 жыл мурда Египет ж-а Вавилондо болгон. Байыркы Грецияда Б. Олимпиада оюндардын программасына кирген. Россияда 1898-ж. 1-матч өткөрүлгөн. 1913-жылдан тартып Б. б-ча Россиянын биринчилиги үчүн мелдеш өткөрүлө баштайт. Оюн аймагы 6×6 *м* болгон тегереги аркан м-н курчалган аянтта (ринг) өткөрүлөт. Эки оюнчу колуна жумшак мээлей кийип, бел курчоодон жогору ж-а бетке урушат. Боксёрлор жашына, салмагына карай бөлүнөт.

БОКСИТ (фр. bauxite, Францияда-гы Ле-Бо деген жердин атынан) — негизинен алюм. суулуу кычкылынан (35—85%), чопо м-н карбонаттуу минералдардын кошундуларынан, темир, кремний ж-а титандын бирикмелеринен турган чөкмө тоо тек. Б-ти түзүүчү минералдарга диаспор, бемит, гиббсит, гётит, гидрогётит, гидрогематит, каолинит, хлориттер, кальцит, галлуазит ж. б. кирет. Өңү ар түрдүү, көбүнчө кызыл, боз. Климаты нымдуу келген тропиктик шартта щёлочтуу, кычкылдуу, кээде негиздүү тоо тектердин латериттик талкалануу процессинен ж-а көл м-н деңиздерде чөкмө түрүндө пайда болот. Ири кендери СССРде — Урал, Сибирь, Каз-н ж. б.; чет өлкөлөрдө — Венгрия, Румыния, Франция, Индия, Гана, Америка (Ямайка, Гайана, Бразилия) ж. б. жерлерде бар. Б.— алюминийдин негизги рудасы (к. *Алюминий рудалары*). О. эле ал бойк, цемент жасоодо ж-а металлургия м-н нефть ө. ж-да колдонулат.

Ад.: Бокситы, их минералогия и генезис, М., 1958.

БОЛГАР ТИЛИ — болгар калкынын тили. Славян тилдеринин түш. тобуна кирет. Б. т-нде 7 млн-дон ашык адам сүйлөйт (1973). Байыркы жазмасы бар тилдердин бири. Азыркы болгар адабий тили түш.-чыг. диалектилеринин негизинде 19-к-дын 2-жарымында түзүлүп, П. Славейков, Л. Каравелов, Х. Ботев, И. Вазовдордун чыг-ларынын таасири астында калыптанган.

БОЛГАРИЯ, Б о л г а р Э л Р е с п у б л и к а с ы (БЭР) Түш.-Бат. Европада, Балкан ж. а-нын чыг. бөлүгүндө. Чыгышынан Кара деңиз, түндүгүнөн Румыния, батышынан Югославия, түштүгүнөн Греция, түш.-чыгышынан Турция м-н чектешет.



Б-нын терр-ясы аркылуу Бат. ж-а Борб. Европадан Жер Ортолук деңиздин чыг. бөлүгүнө, Кара деңизге, андан ары Ж. Чыгышка баруучу кыска жол өтөт. Аянты 111 *км*². Калкы 8594 миң (1972). Борбору — София. Мамл. тили — болгар тили. Админ. жагынан 28 округга бөлүнөт.

Мамлекеттик түзүлүшү. Б.— соц. мамлекет, элдик респ-ка. Конституциясы 1947-ж. 4-декабрда кабыл алынган. Бардык бийлик жумушчулар башында турган эмгекчилерге таандык, жетекчилик кылуучу ж-а багыт берүүчү күч — Болгария коммунисттик партиясы. Чарбанын соц. системасы ж-а өндүрүш каражаттарына болгон соц. менчик анын экон. негизин түзөт. Мамл. бийликтин жог. ж-а закон чыгаруучу органы — бир палаталуу Элдик чогулуш. Элдик чогулуштун сессияларынын аралыгында мамл. жог. бийликти Президиум жүргүзөт. Мамл. бийликтин аткаруучу ж-а тескөөчү жог. органы — өкмөт (Мин. Совети). Мамл. бийликтин жерг. органдары — 4 жылга шайлануучу округдук, общиналык (шаардык, селолук) элдик советтер. Сот иштерин Жог. сот, округдук ж-а эл соттору жүргүзөт. Б-нын Башкы прокурору Элдик чогулуш 5 жылга шайлайт.

Табияты. Б-нын түндүгүн Дунай доңсоолуу түздүгү, чыгышын Добруджа платосу, түштүгүн Стара-Планина тоосу (Балкан тоолору) ээлеп жатат. Өлкөнүн борб. бөлүгүндөгү Стара-Планина (2376 *м*) ж-а Средна-Гора (1604 *м*) тоолорун Казанлык, Карлово ж. б. тектон. ойдуңдар бөлүп турат. Түштүгү м-н түш.-батышында Рила, Пирин, Родоп тоолору, түш.-чыгышында Страндка тоосунун түш. тармагы жатат. Родоп ж-а Средна-Гора тоолорунун аралыгында Жог. Фракия ойдуңу бар. Геол. түзүлүшү б-ча Б-нын аймагы Жер Ортолук деңиз бүктөлүү кырчоосунан орун алган. Маанилүү кен байлыктары: көмүр (Чыг. Марица, Перник, Бобов-Дол бассейндери), темир (Кремиковци кени), коргошун-цинк (Родоп массиви), жез рудалары (Медет кени), нефть (Мизия платформасы) ж. б. Б-нын климаты мелүүн, континенттик, түштүгүндө — жер ортолук деңиздик. Январдын орт. темп-расы ойдуңда — 2ден +2.5°С, тоодо —10,8°С ге чейин, июлда 25,1°С (ойдуңда) ж-а 5,1°С (тоодо). Жылдык жаан-чачын ойдуңда 450—600 *мм*, тоодо 850—1300 *мм*. Б.— кыска дарыяларга бай. Кеме Дунайда гана жүрөт. Ири дарыялары: Марица, Искыр, Струма ж-а Места. Көлдөрү аз (Рила, Пирин тоолорунда), 500дөн ашык минералдуу булагы бар.

Дунай ойдуңунун кыртышы кара ж-а күл сымал токой топурактуу, түштүгү күрөң ж-а кара, тоолору күрөң топурактуу. Терр-ясынын 1/3 бөлүгү токой (эмен, граб, бук, кызыл карагай, карагай, пихта ж. б.).

Токоюнда бугу, багыш, элик, доңуз; тоосунда күзөн, арс, кашкулак, карышкыр, түлкү, тыйын чычкан ж. б.; суусунда балыктын көп түрү бар.

Калкы. Калкынын көбү — болгарлар, алардан башка түрктөр, цыгандар, армяндар, орустар, еврейлер, гректер ж. б. жашайт. Динге ишенүүчү болгарлар православие дининде, азыраагы — протестанттар, католиктер ж-а мусулмандар. Калкынын орт. жышт. 1 *км*² ге 76 киши. Эмгекке жарактуу калкынын (1970) 30% ө. ж-да, 38% а. ч-да, 6% трансп. байланышта, 6% соодада иштейт. Шаар калкы ылдам өсүүдө. Ири шаарлары: София (946 миң киши), Пловдив (247), Варна (219), Русе (150), Бургас (132), Стара-Загора (109).

Тарыхый очерки. Б. жерин адам палеолит доорунан бери мекендеген. Коло ж-а темир кылымдарынын аралыгында Б-га индоевроп. уруулар (фракиялыктар) отурукташкан. Алар м-н чектеш жерлерде 7-к-дан баштап пайда болгон грек колониялары фракиялыктардын таптык коомунун калыптанышына ж-а 5-к-да биринчи мамлекеттин (Одрис падышалыгы) түзүлүшүнө бир кыйла таасир этет. Б. з. 1-к-на карата фракиялык жерлер Рим империясына баш ийдирилет. 6-к-да славян уруулары келип, 7-к-дан тартып отурукташа баштаган. Славяндардын келиши м-н элдин этникалык составы өзгөрөт. 7-к-дын 2-жарымында феод. мамилелер пайда боло баштайт. Алардан 7 уруу союзу түзүлүп, славяндардын Балкандагы биринчи мамлекети пайда болот. 7-к-дын 70-жылдары Түш. Бессарабиядан протоболгарлар басып кирет. Алар Аспарух хандын жетекчилиги м-н византиялык армияны талкалап, 681-ж. тынчтык келишимин түзүшөт. Аспарух хан 680-ж. пайда болгон славян-болгарлардын



Бургас шаары. Сов. Союз. Маршалы Толбухин атн. жумушчу шаарчасы.

Б. мамлекетин башкарып калат. Малчы протоболгарлар славян мад-тын үйрөнүп, аларда феод. мамилелер өнүгө баштайт. Бул учурда Византия Б-ны өзүнө каратууга канчалык аракеттенсе да, Б-нын жери бир кыйла кеңейет. Князь Бористин убагында (852—889) христиан дини мамл. дин катарында кабыл алынат. Б-нын эл аралык абалы чыңдалат. Мамлекетти славяндаштыруу процесси күчөп, акырында протоболгарлар м-н славяндардын этникалык айырмачылыгы жоюлуп, болгарлар деген бир эл түзүлөт.

9-к-дын аягында Б-да феод. негизги таптар калыптанып, феод. шаарлар курулат. 968—971-ж. Б. орус-византия согуштарынын майданына айланат. 1018-ж. византиялыктар Б-ны каратып, аны өзүнүн провинциясына айландырат. Болгар элин Византия феодалдарынын катуу эзүүсү бошт. күрөштүн күчөшүнө алып келди. 1185—87-ж. бир тууган Петр м-н Асен башкарган көтөрүлүш византиялыктардын бийлигин кулатып, Экинчи Болгар падышалыгын (1187—1396) түзөт. Өнүккөн феодализм мезгилинен баштап (13—14-к.), өзгөчө Колоян падышанын тушунда (1197—1207) Б. Византия каратып алганга чейинки чек арасына жетет. Б. падыша Иван Асен Ипин убагында (1218—41) ого бетер гүлдөп, аймагы кеңийт. Кара, Эгей, Адрия деңиздеринин аралыгын ээлеп, Балкан ж. а-ндагы күчтүү мамлекет болот. 13-к-дын 2-жарымынан тартып өз ара чатактан Б. мамлекети начарлай баштайт: Батыйга алым төлөп турат, кийинчерээк Ногойго көз карандылыгын тааныйт. 14-к-дын ортосунда Б-нын түш.-чыг. р-ндору өлкөдөн бөлүнүп кетет. Калган жерлеринде Видин ж-а Тырна падышалыктары түзүлөт. 14-к-дын ортосунда Балкан ж. а-на түрктөр кире баштап, 1393-ж. Тырнаны, 1396-ж. Видинди каратып, Осмон империясына кошуп алат. Түрктөр Б-нын бардык жерин мамлекеттин менчиги деп жарыялап, болгарларды массалык түрдө мусулмандаштырат.

19-к-дын башында болгар элинин социалдык-экон., саясий ж-а маданий өнүгүшүндө өзгөрүштөр болот, алар анын консолидацияланышына, улуттук-бошт. кыймылдын кубаттуу кулач жайышына алып келет. Кыштактарга капит. мамилелердин кире башташы дыйкандардын жиктелүүсүн күчөтөт. Элет буржуазиясы пайда болуп, кол өнөрчүлүк кесиби дыйканчылыктан бөлүнүп чыга баштайт. 18-к-дын аягынан мануфактура пайда болот. 19-к-дын 40-жылдарынан тартып Б-нын Россия м-н байланышы чыңдалат. Орус-түрк согуштары (18—19-к.) болгарлардын бошт. күрөшүнүн өсүшүнө дем берет. 1862-ж. Бухарестте болгар улуттук буржуазиясынын «Изгилүү кошуун», 1866-ж. Болг. жашырын борб. комитет, 1868-ж. Болгар коому деген уюмдар түзүлүп, алар Осмон империясынын ичинде Б-га автономия берилишин талап кылат. Бирок ал аракеттер ордунан чыкпайт. *Орус-түрк согушунда (1877—78)* орус армиясынын жеңиш чыгышы Б-ны Осмон империясынын эзүүсүнөн куткарат. *Сан-Стефан тынчтык договору (1878)* б-ча, Б. өз алдынча мамлекет бол-



София. Боштондукка чыгаруучуларга эстелик.

мок, бирок Балкан ж. а-ында орустардын таасиринин күчөп кетишинен чочулаган Австрия-Венгрия, Улуу Брит., Германия Сан-Стефан тынчтык договорун кайра карашып, 1878-жылдагы Берлин трактаты [к. *Берлин конгресси (1878)*] б-ча, Турцияга көз каранды Болгар княздыгы түзүлөт. Фракиянын бир бөлүгү ж-а Македония Осмон империясынын ээлүүсүндө кала берет.

1877—78-жылдагы согуш түрк феод. жер ээлигинин жоюлушун тездетип, бурж. демокр. рев-яга шарт даярдады. Түрктөрдүн феод. системасынын жоюлушу капит. мамилелердин өнүгүшүн тездетти. Пловдивдеги көтөрүлүштүн (1885-ж. 6-сент.) натыйжасында Чыг. Румелийдин Болгар княздыгына кошулушу Сербия-Болгария согушунун (1885) чыгышына себеп болот. Ал согушта Б. жеңип чыкты. Согуш 1885-ж. 7-декабрда элдешүү м-н аяктап, 1886-жылдын 19-февралында түзүлгөн тынчтык договору кайрадан бириккен Б-нын чек араларын бекитти. 1886-ж. мартта Б. Турцияга Тымрыш ж-а Кыржал округдарын берди. Бул үчүн Турция Чыг. Румелийдин Болгар княздыгына кошулгандыгын тааныды. Б. 1896-ж. Россия м-н дипл. мамиле түздү. Б-нын өкмөтүнүн бир катар чаралары улуттук ө. ж-дын өнүгүшүнө жардам берди. Жумушчулардын алгачкы профсоюз уюмдары пайда болду. 19-к-дын 80-жылдарынын орто ченинен тартып Д. Благоев социализм идеяларын пропагандалай баштады. 1891-ж. Болгариянын с.-д. партиясы ж. б. партиялар негизделди. 20-к-дын башында капит. монополиялардын жөрөлгөлөрү пайда болуп, банк ж-а ө. ж. капиталынын биригүү процесси башталды. Шаар м-н кыштактын ортосундагы социалдык карама-каршылыктар күчөдү. 1908-ж. 22-сентябрда Б. Турцияга толук өз алдынчалыгын жарыялап, Турцияга каршы *Балкан союзун (1912)* түзүүгө демилгечилерден болду. 1-Балкан согушунда союздаштардын жардамы м-н Б. Турциядан бир кыйла жерлерди тартып алса, 2-Балкан согушунда ал жерлеринен гана эмес, өзүнүн мурдагы жерлеринин айрым бөлүгүнөн ажырап калды. Б. 1-дүйн. согушка (1914—18) Германия тарапта катышты.

Улуу Окт. соц. рев-ясынын айдыңы м-н Б-да 1917—18-ж. стачкалар чыгып, дыйкандардын наразылыгы күчөдү, болгар армиясынын бир катар полкторунда көтөрүлүштөр чыкты. 1918-жылдагы Владай көтөрүлүшү убагында Б-да респ-ка жарыяланды, бирок көтөрүлгөн солдаттар Софияга бараткан жолдо өкмөт ж-а немец аскерлеринен жеңилип калды. Б-ны Антантанын аскерлери басып алды. 1919—20-ж. Б-да түзүлгөн саясий кырдаалдан улам Болгар дыйкандарынын элдик союзу (БДЭС) бийликке келди. Бирок ал бийликти алып кете алган жок. 1923-ж. 9-июнда фаш. төңкөрүш болуп, А. Цанков башында турган фашисттер бийликке келишти. БКПнин жетекчилиги м-н антифаш. Сент. көтөрүлүшү (1923) башталды. Узакка созулган баатырдык күрөштөн кийин көтөрүлүш ийгиликсиз аяктады. 1926-жылдын орто ченинде жумушчу табы профсоюздардын көпчүлүгүн калыбына келтирди. Жашырын иштеп жаткан БКПнин (тыгызчылдардын) демилгеси м-н иштөөчү Жумушчу партиясы (1927), Жаштардын жумушчу союзу (1928) түзүлдү. Өлкөдө антифаш. биримдик фронтун түзүү кыймылы кулач жайды. 1934-ж. 19-майда Аскер лигасы ж-а «Звено» деген саясий топ мамл. төңкөрүш жасады. Б-да аскердик-фаш. диктатура орнотулду. Анын өкмөтү массанын демокр. жеңип алууларын жокко чыгарып, профсоюздарды, саясий партияларды таратты. Бул өкмөт 1934-ж. 23-июлда СССР м-н дипл. мамиле түздү. Бирок ал 1935-ж. январда кулап, анын ордуна монархиялык-фаш. диктатура орнотулду. Б. тышкы саясат жагынан фаш. Германияга таянып калды. Өлкө фаш. Германиянын агрардык-сырьёлук коштондусуна айландырылды, куралдандыруу күчөтүлдү. Фаш. өкмөттүн мындай саясаты эл массасынын чечкиндүү соккусуна учурады. БКП (тыгызчылдар) Г. *Димитровдун* жетекчилиги астында масса м-н байланышты чыңдоого, согуш коркунучуна каршы, СССР м-н достук ж-а кызматташтык ж. б. үчүн күрөшүүчү элдик фронт кыймылын уюштурууга багыт алды. БКП (тыгызчылдар) БК Жумушчу партиясы м-н (1936-ж. калыбына келтирилген) кошулуп, Болгариянын жумушчу партиясына (БЖП) биригүү ж-дө чечим кабыл алды.

2-дүйн. согуштун (1939—45) башталышы м-н болгар өкмөтү Б-нын бейтарап деп жарыяланышына карабастан, фаш. Германия м-н кызматташуусун күчөттү. 1941-ж. 13-декабрда Б. Улуу Британияга ж-а АКШга согуш жарыялады. БЖП БКнын саясий бюросу 1941-ж. 24-июнда немец баскынчыларына ж-а алардын болг. жардамчыларына каршы куралдуу күрөшүү жолуна түштү. 1941-ж. июлда партизандык биринчи отряд түзүлүп, авг.— сентябрда азыркы Станке-Димитров, Батак ж. б. р-ндордо партизандык чыгуулар башталды. 1942-ж. БЖПнин жетекчилиги астында Ата Мек. фронт түзүлдү. Ага БЖП, БДЭСтин сол тарабы, солчул с.-д. ж. б. кирди. 1943-ж. Ата Мек. фронтунун Улуттук комитети уюшулду. 1943-ж. апрелде Элдик-бошт. көтөрүлүш армиясына (ЭБКА) негиз салынды. Сов. Армиянын Б-га кириши болгар элинин бошт. кыймылынын жеңишине шарт түздү. БЖПнин жетекчилиги астында бул күрөш элдин массалык куралдуу көтөрүлүшүнө айланды. 9-сентябрда болгар эли монархиялык-фаш. режимди кулатты. Бийлик жумушчу табы м-н эмгекчи дыйкандардын колуна өттү. Ата Мек. фронттун К. Георгиев башчылык кылган өкмөтү түзүлдү. Ал алгачкы күндөрдөн эле бир катар негиздүү демокр. кайра түзүүлөрдү жүзөгө ашырды: фаш. закондор жокко чыгарылды, фаш. ж-а согуш кылмышкерлери сотко берилди, фаш. уюмдар, полиция таркатылып, элдик милиция түзүлдү, менчик монополиялар жоюлуп, жаңы эмгек закону киргизилди. Болгар армиясынын бөлүктөрү Германияга каршы Сов. Армия м-н бирдикте аракеттенди.

1945-ж. 14-августта Б. м-н СССРдин дипл. мамилелери калыбына келтирилди. 1946-ж. 15-сентябрда Б. элдик респ-ка болуп жарыяланды. 22-ноябрда Ата Мек. фронттун Г. Димитров башкарган өкмөтү түзүлдү. 1947-ж. 4-ноябрда Элдик чогулуш БЭРдин конституциясын бекитти. 1947-ж. декабрдын аягында элдик-демокр. өкмөт ө. ж. ишканаларын, пахтаны, менчик банктарды мамлекеттештирди, тышкы ж-а ички дүң соодага мамл. монополияны орнотту. Эки жылдык эл чарба планын орундатуунун натыйжасында эл чарбасын калыбына келтирүү милдети чечилди. 1947—48-ж. СССР ж. б. элдик-демокр. өлкөлөр м-н достук, кызматташтык ж-а өз ара жардамдашуу ж-дөгү договорлорго кол коюлду. 1948-ж. май—августта БЖП (коммунисттер) Болгариянын жумушчу с.-д. партиясы (кеңири социалисттер) м-н биригишти. Компартиянын 5-съездинде ал Болгариянын коммунисттик партиясы деген мурдагы аты м-н аталды. Беш жылдык эл чарба планы (1949—53) социализмдин негиздерин куруунун башкы милдеттерин аныктады. Бул пландын аткарылышы Б-ны артта калган агрардык өлкөдөн, өнүккөн индустр.-агрардык өлкөгө айландыруу үчүн өбөлгө түздү. Эл чарбасын өнүктүрүүнүн 2-беш жылдык планы (1953—57) Б-ны соц. индустр.-агрардык өлкөгө айландырды.

1958-жылдан баштап Б. өнүккөн соц. коомду куруу этабына кирди. БКПнин 7-съезди 3-беш жылдык план б-ча (1958—62) директиваларды кабыл алды. Бул план негизги көрсөткүчтөр жагынан 3 жылдын ичинде аткарылды. Азыр Б. улуттук ж-а интерн. максаттардын ж-а милдеттердин негизинде Экон. өз ара жардамдашуу советине (СЭВ) мүчө өлкөлөр м-н кызматташтыгын кеңейтип жатат. БКПнин 8-съезди (1962) БЭРди өнүктүрүүнүн 20 жылдык перспективалуу планы б-ча (1961—80) директиваларды кабыл алды ж-а экон. башкы милдетти—социализмдин материалдык-тех. базасын куруу ж-а бара-бара коммунизмдин материалдык-тех. базасын кеңири курууга өтүү милдетин койду. БКПнин 11-съезди (1976, март) 1976—80-жылдарда БЭРдин коомдук-саясий өнүгүшүнүн негизги багыттарын бекитти. Б.—ООНдун мүчөсү (1955-ж. дек.), эл аралык 200дөн ашуун уюмга мүчө (1970), 111 өлкө м-н соода байланыштары бар. Сов. Союзу ж. б. соц. өлкөлөр м-н достук байланыш — Б-нын тышкы саясатынын негизи. Б.— СЭВге мүчө (1949-ж. янв.), Варшава договорунун (1955) катышуучусу. БЭР 1968-ж. башка соц. өлкөлөр м-н бирдикте ЧССРде соц. жеңип алууларды коргоп калуу чараларына катышты.

Саясий партиялары, профсоюздары жана башка коомдук уюмдары. Болгария коммунисттик партиясы (БКП) 1891-ж. Болгария с.-д. партиясынын түзүлүшү м-н негизделген. 1919-жылдан БКП аталат. 751 миң мүчөсү бар (окт. 1973). БКП БКнын биринчи секретары —



Г. Овчаров, Р. Рибаров. Софиядагы Г. Димитров мавзолейи.

Тодор Живков. Болгар дыйкандарынын элдик союзу (БДЭС) 1899-ж. негизделген. БКП м-н кызматташ. 120 миңдей мүчөсү бар. Ата Мекендик фронт (АФ) 1942-ж. негизделген. АФтын Улуттук Комитети 1943-ж. августта түзүлгөн. Ага жеке мүчө болуп кирүү тартиби 1948-ж. киргизилген. 4 млн-го жакын мүчөсү бар (1973). Профессионалдык союздары. 1904-ж. Бүткүл жумушчу профсоюзу түзүлгөн (1925-ж. закондон тышкары уюм деп жарыяланган); 1925-ж-дан көз каранды эмес жумушчу профсоюздары (1934-ж. таркатылган), 1945-ж-дан Жалпы жумушчу профсоюзу, 1958-жылдан профсоюздардын Борб. совети деп аталат. 2,7 млн-дон ашык мүчөсү бар (1973). Димитровчул коммунисттик жаштар союзу (ДКЖС) 1947-ж. декабрда негизделген, 1,3 млн-чо мүчөсү бар (1973). Болгар аялдарынын комитети 1944-ж. негизделген. Тынчтыкты коргоонун улуттук комитети 1949-ж. негизделген. Болгариялык славяндар комитети 1944-ж. негизделген. Болгар-совет достугунун бүткүл элдик комитети 1957-ж. негизделген. Шаарларда ж-а ири кыштактарда болгар-совет достугунун жерг. комитеттери бар.

Экономикасы. Соц. рев-я жеңгенче (1944) Б. Европадагы ири капит. мамлекеттердин сырьё базасы эле. 2-дүйн. согуштун алдында улуттук кирешенин негизги бөлүгүн а. ч. берген. Ө. ж-ы начар өнүккөн. Соц. курулуш жылдарында ө. ж-ы ж-а а. ч-сы өнүккөн индустр.-агрардык өлкөгө айланды. Б-нын ө. ж. тармактарынын өнүгүшүнө Сов. Союзу зор жардам берди. СССРдин жардамы м-н Чыг. Марица бассейни м-н Варна ш-дагы ТЭСтер, Кремиковци м-н Перниктеги кара металл ж-а Кырджали м-н Пловдив алдындагы түстүү металл металлург. комбинаттар, Карловогу трактор, Софиядагы электр тех., Варнадагы кеме, прибор, Руседеги а. ч. машиналарын жасоо, Димитровград м-н Бургастагы хим. з-ддору курулду ж-а курулууда. Б-да София-Перник (металлургия, машина жасоо, жеңил ө. ж.), Бат. Марица (түстүү металлургия, тамак-аш, токой чарба), Чыг. Марица (көмүр өндүрүү, энергетика, химия), Варна-Девня (кеме куруу, химия, кездеме токуу) ө. ж. р-ндору түзүлүп, Враца, Видин, Ловеч өңдүү ө. ж. борборлору жаралды. Өлкө отун-энергет. ресурска жарды. Сапаты начар күрөң көмүр Перник ж-а Бобов-Долг бассейнинде, лигнит Чыг. Марица бассейнинде, нефть Плевен р-ну м-н Шаблада, табигый газ Враца р-нунда өндүрүлөт. Б-нын электр энергетикасы тез темп м-н өсүп жатат. Сов. Союзунан жог. калориялуу көмүр ж-а нефть алат. Измаил (СССР) — Варна газ түтүгү ишке кирди (1974). Дунайдагы Козлодуй ш-да Сов. Союзунун жардамы м-н атом электр станциясы курулууда. Б-нын электр линиялары соц. өлкөлөрдүн биргелешкен «Мир» энергетика системасына кошулган. 1972-ж. Б-да 1,6 млн. *т* чоюн, 2,1 млн. *т* болот, 2,0 млн. *т* прокат чыгарылган. Негизги металлург. борборлору—Перник, Кремиковци, Кырджали, София ш-лары. Машина куруу ө. ж-ы жүк көтөргүч трансп. (электро ж-а мотокар, электр тельфер, лифт) жабдууларын, электр техника ж-а радиоэлектроника буюмдарын, приборлор м-н станок, кеме, трактор жасап чыгарат. Химия ө. ж-ы Димитровград, Враца, Пловдив ж. б. ш-ларда өнүккөн.

Жыгач иштетүү ө. ж-ы Рила-Родоп м-н Стара-Планинадан алып келинүүчү жыгачтын базасында иштейт. Сов. Союзу м-н түзгөн келишим б-ча, Б. Коми АССРиндеги токой ресурстарын пайдаланууга катышат. София, Габрово, Сливен, Пловдивде кездеме токуучу ө. ж-ы, Софияда ж. б. негизги а. ч. р-ндорунда тамак-аш (эт-сүт, кант, тамеки, шарап) ө. ж-ы бар.

А. ч-сы өлкөнүн азык-түлүк ж-а жеңил ө. ж-ын сырьё м-н камсыз кылат. А. ч. продукциясы (тамеки, жашылча, жемиш) өлкөнүн экспортунда маанилүү роль ойнойт. Өлкөнүн аянтынын 52% (1968) а. ч-нда пайдаланылат. А. ч. жеринин 82% иштетилет; 71% — айдоо, 7% — жемиш багы ж-а жүзүм, 4% — чабынды, 18% — жайыт. А. ч. өсүмдүктөрү негизинен Дунай түздүгүндө ж-а Жог. Фракия ойдуңунда эгилет. Дан эгиндери (буудай, жүгөрү, арпа) айдоо аянтынын 62%ын ээлейт. Тех. (жог. сапаттуу тамеки, күн карама, кант кызылчасы, пахта) ж-а жашылча (помидор, пияз, калемпир) өсүмдүктөрү, жемиш багы ж-а жүзүм, эфир май өсүмдүктөрү (роза, лаванда, жалбыз) өстүрүлөт. Малдын саны (1973): уй 1553 миң, кой 9793 миң, чочко 3428 миң, жылкы 182 миң, эшек-качыр 300 миң; үй куштары 29,6 млн. Балык кармоо 1969-ж. 77 миң *т*га жеткен.

Ички жүк ташууда т. ж. ж-а автотранспорт маанилүү орун ээлейт. Т. ж. уз. 4 миң *км* ден ашык. Шоссе жолунун уз. 30 миң *км*. Суу транспорту (Кара деңиз, Дунай) сырткы экон. байланыштарда кеңири пайдаланылат. Аба жолунун уз. 24 275 *км*. Экспортко жашылча-жемиш, тамеки, жүзүм, вино, эфир майы, электр тельфер, электр моторлор, кеме, а. ч. машиналары, түстүү металл чыгарат. Сырттан машиналар ж-а ө. ж. жабдуулары, ө. ж. сырьёсу, отун (таш көмүр, кокс, нефть, пахта целлюлоза, жасалма була, каучук ж. б.) алып келет. Б-нын ири соода шериктери — Сов. Союзу (сырткы сооданын $^1/_2$ туура келет), ГДР, ЧССР, ПЭР; капит. өлкөлөрдөн: Италия, ГФР (ФРГ), Австрия, Улуу Британия, Швейцария, Франция, араб өлкөлөрү, Индия ж. б. Б.— СЭВдин мүчөсү. Экономикасында туризм м-н курорттун мааниси чоң. Акча бирдиги — лев.

Саламаттык сактоосу 1969-ж. ар миң кишиге төрөлгөндөр 16,9ду (1936-ж. 21,4), өлгөндөр 9,5ти (1939-ж. 13,4), балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 30,5ти (1939-ж. 138,9) түзгөн. Өмүрдүн узактыгы орто эсеп м-н (1965—67) 70,6 жыл (1939-ж. 51,7). Өлүмдүн негизги себептери: атеросклерозго байланышкан жүрөк оорулары, рак шишиги, мээдеги кан айлануунун бузулушу. Элдик бийликтин жылдарында безгек, баш келте, висцералдык лейшманиоз, шал (полиомиелит), бруцеллёз оорулары жоюлду. Мед. жардам акысыз. 54,5 миң койкалуу 198 оорукана, 0,4 миң койкалуу жугуштуу оорулардын 1, 3,5 миң койкалуу 15 туберкулёздук, 3,3 миң койкалуу 12 психо-неврологиялык оорукана, 0,3 миң койкалуу 3 психиатриялык колониясы бар (1969). 1969-ж. 15,3 миң врач, 31 миң тиш врач, 5,6 миң акушер, 240,0 миң мед. орто билимдүү кызматкер эмгектенген. Мед. кадрларды 3 мед. ин-т (София, Пловдив, Варна) ж-а 13 орто мед. мектеп даярдайт.

Элге билим берүү, маданий агартуу жана илимий мекемелери. Б-да алгачкы мектеп 9-к-дын акырында ачылган (чиркөө ж-а монастырь мектептери). 13—14-к. диний окуулардан башка филос., филол. илимдерин кошо үйрөтүүчү монастырь мектептери пайда болгон. 17—18-к. үжүрө (келья) мектептери ачылат. Ак сөөктөрдүн 1-болгар мектеби 1835-ж. Габроводо (1873-жылдан гимназия) ачылган. 1880-ж. 4 жылдык атайын милдеттүү башталгыч билим берүү жарыяланат, жалпы билим берүүчү орто ж-а проф. мектептер иштей баштайт. 1921-ж. жалпы билим берүү 7 жылга узартылган. Элдик-демокр. түзүлүш орногондон кийин (1944), элге билим берүү демокр. негизде кайра түзүлүп, 7ден 15 жашка чейинки балдарды акысыз окутуу киргизилет. 1959-ж. милдеттүү түрдө 8 жылдык билим берүү ишке ашырылат. 3—7 жаштагы балдар бакчада тарбияланат. 4 жылдык башталгыч, 8 жылдык жалпы билим берүүчү орто, 11 жылдык политех. мектептер, 2—3 жылдык профтех. окуу жайы, политех., иск-во окуу жайлары, 4—6 жылдык вуздар иштейт. 1969-ж. балдар бакчаларында 330,9 миң бала болгон. 1969—70-окуу жылында башталгыч мектептерде 133,9 миң, профтех. окуу жайларында 121,6 миң окуучу, вуздарда 85,6 миң студент окуган. 1969—1970-окуу жылында 26 вуз болгон. София, Пловдив, Плевен ш-ларында ири китепканалар, музейлер иштейт.

Илим жана илимий мекемелер. Табигый жана техникалык илимдер. Б-нын территориясында ил. ж-а тех. билимдердин башаты байыркы фракия, грек ж-а рим мад-тынан башталат. Болгар мамлекети түзүлгөндөн тартып, шаар куруу, архит., тоо-кен иши ж-а курал-жарак жасоо өнөрү өрчүгөн. Ал эми 18-к-дын 2-жарымынан болгар мад-ты м-н илиминин кайра жаралуу мезгили башталып, табият таануу ж-а медицина б-ча алгачкы оригиналдуу эмгектер жазылат. 19-к-дын 1-жарымында геогр. б-ча эмгектер пайда болуп, изилдөөлөр (30-жылдары) көбүнчө чет элдик илимпоздор тарабынан жүргүзүлгөн. 60-жылдардан баштап биология б-ча В. Берондун «Айбанаттар менен адамды салыштырганда» (1870), «Зоология» (1886), Н. Груевдин «Үй айбандарынын табигый тарыхы» сыяктуу эмгектери чыккан.

19-к-дын аягында Б-нын өз алдынча мамлекет болуп түзүлүшү илимдин өсүшүнө шарт түздү, ил. мекемелер пайда болду. 1911-ж. табигый-матем. бөлүмдөрү бар Болгария ИАсы уюшулган. 1888-ж. Софияда 1-жогорку окуу жайы ачылды. Илимдин

геол., биол., мед., физ., химия, матем. ж. б. тармагы б-ча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Плевен (1901), Садов (1902) ж-а Русодо (1905) 1-тажрыйба чарбаларынын ачылышына байланыштуу а. ч. илими өнүктү. 1877—78-ж. орус-түрк согушу учурунда С. П. Боткиндин, Н. И. Пироговдун, Н. В. Склифосовскийдин ж. б. орус медиктеринин иштери болгар мед. илиминин өнүгүшүнө көмөк көрсөткөн. 1925-ж. Болг. геол. коому түзүлүп, жер кыртышы изилдене баштаган. Хим. изилдөөлөрдүн өнүгүшүндө орг. химия кафедрасын башкарган П. Райковдун (1894—1935) кызматы чоң. Физика б-ча изилдөөлөр Софиядагы жог. окуу жайында ж-а 1898-ж. уюшулган Физ.-матем. коомунда башталган. Матем. илимдерин көбүнчө София ун-тинин физ.-матем. ф-тетинин проф-лору К. Попов, И. Цепов, Л. Чакалов, Н. Обрешков ж. б-лар өнүктүргөн. Табигый ж-а тех. илимдердин өнүгүшүнө саясий режим, материалдык базанын начардыгы, ил. кадрлардын аздыгы сыяктуу себептер ж. б. жолтоо болгон.

Монархиялык-фаш. режимдин кулатылышы (1944) ж-а өлкөнүн социализм жолуна түшүшү Б-да илим тарыхына жаңы доор ачты. Илимдин негизги борбору—*Болгария илимдер академиясы* (БИА) ж-а А. ч. илимдер академиясы. 60-жылдары азыркы математиканын негизги багытын иштеп чыгуучу коллективдер түзүлдү. Физ. илиминин ийгиликтери материалдык эксперимент базасынын жакшыргандыгы м-н шартталды. Изилдөө иштери СССР, соц. башка мамлекеттердин ил. мекемелери м-н тыгыз байланышта жүргүзүлүүдө. Геофиз. изилдөөлөр ар тармактуу болду. Ар кайсы р-ндордо комплекстүү ж-а тармактуу геогр. изилдөөлөр жүргүзүлдү. Геоморфол. изилдөөлөр өрчүдү. Биол. тармагында орчундуу изилдөөлөр 1959-ж. башталат. Жаңы тармактар б-ча ил. из. ин-ту ж-а лабораториялар (биохимия, биофизика, өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар физиологиясы, микробиология) түзүлгөн. А. ч. илими белгилүү ийгиликтерге жетишти. Мед. тармагында ил. из. иши жайылды. Тех. илимдер жог. окуу жайларында, БИАда ж-а анын ин-ттарында өөрчүтүлүп жатат.

Коомдук илимдер. Б-да филос. ж-а коомдук ой-пикир 9-к-дын аягы—10-к-дын башында жарала баштайт. Иоанн Экзарх (10-к.) эски болгарча филос. терминология түзүп чыгат. Болгар элинин улуттук аң-сезиминин калыптанышында, улуттук өз алдынчалык үчүн күрөшүндө, болгар маданиятынын өзгөчөлүгүн сактоодо Паисий Хилендарский (18-к.) чоң роль ойногон. Б-да маркстик философиянын, эстетиканын ж-а адабий сындын таралышына ж-а өнүгүшүнө Д. Благоевдин эмгектери түрткү берген. 20-к-дын башынан эле болгар маркснылар. Б-дагы идеалисттик көз караштарды сындап турган. 1920—30-ж. маркстык философиянын проблемаларын Т. Павлов, С. Гановский, Г. Бакалов, А. Киселинчев ж. б. иштешет. Элдик-демкр. түзүлүш орногондо (1944), Б-да маркстык-ленинчил философиянын өнүгүшүнө кеңири мүмкүнчүлүк түзүлөт. Болгар маркстыларынын алдына өлкөдө социализм курууга байланыштуу маанилүү маселелерди изилдөө милдети коюлат. Философия ж-а социологиялык борбору — БИАнын Филос. (1948) ж-а Социол. (1968) ин-ттары.

Болгар историографиясы 18-к-дын 2-жарымынан башталат. Тарых илиминин өнүгүшүнө София ун-тинин ачылышы өбөлгө түзөт. 19-к-дын аягында Б-да маркстык историография өнүгө баштап, элдик-демокр. бийлик орногон (1944) соң, дүркүрөп өсөт. 1954—55-ж. эки томдуу «Болгария тарыхы» чыгат, Болгария коммунисттик партиясынын тарыхы изилденет. Тарых илиминин борбору—БИАнын Тарых (1947), Археол. ин-ттары (1920), БКП Борб. Комитетинин Болгария компартиясынын тарых ин-ту (1953), София ун-тинин филос.-тарых ф-тети.

Б-да элдик-демокр. бийлик орногон соң маркстык экон. ойдун ар тараптан өнүгүшүнө шарт түзүлөт. Жог. окуу жайларында саясий экономия кафедралары ачылат. БИА Экон. ин-ту уюшулат (1949). София ун-тинин экон. ф-тети (1924) негизделет (1952-жылдан К. Маркс атн. Жогорку экон. ин-т).

Элдик-демокр. бийликтин жылдарында Б-да укук илими маркстык-ленинчил багытта өнүгүп, соц. мамлекеттин проблемалары, сот, прокуратура, мамл. башкаруу аппаратынын тажрыйбасы изилденүүдө. Укук б-ча илимдин борбору — БИАнын Укук илимдери ин-ту (1948) ж-а Б-дагы ун-ттердин укук кафедралары. Респ-канын ил. борбору БИАнын составында 33 ил. из. ин-ту бар. А. ч-сы б-ча изилдөөлөрдү Болгар а. ч. ИАсы жөнгө салат. Анын карамагында 28 ин-т ж-а 28 тажрыйба станциясы бар. 1959-ж. Ил. ж-а тех. прогресс б-ча мамл. комитет уюшулган. Б-да 368 ил. мекеме бар, алар СССР ж-а соц. өлкөлөрдүн ил. мекемелери м-н ар тараптуу байланышта.

Басма сөз, радио уктуруу, теле көрсөтүү. Б-нын туруктуу басма сөзү 19-к-дын 40-жылдары пайда болгон. Турция өкмөтү куугунтукка алгандыктан, болгар патриоттору туңгуч газета, журналдарын чет өлкөдө басып чыгарышкан. 1969-ж. Б-да 710 газета, 780 журнал чыккан. Ири газеталары: «Работническо дело»—БКП БКнын органы; «Земеделско знаме», «Отечествен фронт», «Труд», «Народна младеж», «Народна армия», «Поглед»—Болгар журн. союзунун органы. Журналдары: «Ново време», «Партиен живот», «Политическа просвета», «Младеж», «Жената днес». Радио уктуруу 1929-ж. башталган, 1959-жылдан Б-дагы түрктөр үчүн түрк тилинде күндөлүк программа берилет. «Родина» радиостанциясы чет өлкөлөргө арнап болгар, грек, түрк, араб ж. б. тилдерде кабар берип турат. Теле көрсөтүү 1959-жылдын ноябрынан иштейт.

Адабияты—байыркы славян ад-ттарынын бири. 9-к-дын 2-жарымында пайда болгон. Б. ад-тынын башталышы славян агартуучулары Кирилл м-н Мефодийдин шакирттеринин чыг-лыгы м-н байланыштуу. Байыркы (9—12-к.) Б. ад-ты диний-мистикалык негизде болсо да, анда адамдардын коомго болгон мамилеси, айрым филос. маселелер козголгон. Буга Климонто Охридский, Константин Преславский, Иоанн Экзарх, Козьма Пресвитер ж. б-дын чыг-лары мисал. 14-к-дагы Б. ад-тынын өсүшү Феодосий Тырновский, патриарх Евфимий Тырновский ж-а анын окуучусу Григорий Цамблактын ысмы м-н байланыштуу. 18—19-к-дын көрүнүктүү агартуучулары П. Хилендарский, С. Врачанскийлер Б. ад-тын жанр жагынан байытышты.

Б-нын улуттук ад-ты 19-к-дын 50—70-жылдары болгон улуттук-бошт. кыймыл убагында калыптанды. Таланттуу акындар Д. Чинтулов (1822—86), П. Р. Славейков (1827—95), Г. С. Раковский (1821—67), Х. Ботев (1849—76), И. Вазов (1850—1921), прозаиктер В. Друмев (1841—1901), Д. Войников (1838—78) ж. б-лар Б. ад-тын жаңы баскычка көтөрдү. Окт. рев-ясынын жеңишинин Б. ад-ты үчүн зор мааниси бар. Х. Смирненский, Г. Караславов, Х. Радевский ж. б-лар революционерлердин образдарын түзүшкөн. Элдик-демокр. рев-я (1944) жеңгенден кийин Д. Талевдин «Темир чырак» (1952), С. Дичевдин «Боштондук үчүн» (1954) деген тарыхый-рев-ялык романдары, Д. Димовдун фашизмди айыптаган «Тамеки» (1951), Г. Караславовдун «Жөнөкөй адамдар» (1951—63), К. Калчевдин «Токуучулар үй-бүлөсү» (1956—60) чыг-лары жарык көрдү. Б. жазуучулары азыркы учурдун түрдүү социалдык — филос. маселелерин чечмелеп берүүгө аракеттенип жатышат.

Архитектурасы, сүрөт искусствосу. Б-нын аймагынан б. з. ч. 4—2-миң жылга (неолит, энеолит ж-а бронза) таандык гeом. оймо-чиймелер м-н жасалгаланган чопо идиштер ж-а чоподон жасалган адам м-н айбандардын фигуралары табылган. Кара деңиз жээгиндеги байыркы гректердин колониясы — Аполлония, Месембрия ж. б. жерлерде антикалык скульптуранын калдыктары сакталган. Биринчи Б. падышалыгы (680—1018) пайда болгондон баштап Б-нын иск-восу калыптана баштайт. Ал доордогу алгачкы архит. эстеликтер: таштан тургузулган чеп дубалдарынын калдыктары ж-а Плиска м-н Преславдагы дворецтер (9—10-к.); Экинчи Б. падышалыгынын тушунда (1187—1396) Тырново көркөм иск-вонун негизги борборуна айланат. Тырноволук бул көркөм мектеп 9—10-



А. Н. Померанцев. Софиядагы Александр Невскийге арналган эстелик-сыйынуучу жай. 1904—12.

к-дагы архитектурага караганда курулуштардын чакандыгы ж-а декоративдүү кооздугу м-н айырмаланат. 13—14-к-да болгар живопись өнөрү м-н миниатюрасы гүлдөп өсөт.

Осмон түрктөрү басып алгандан кийин мурдагы маданий мурастардын көпчүлүгү жок кылынган. 18—19-к-да болгар улуттук иск-восунда жаңы жогорулаштар пайда болот. Ал доордо Риль монастырынын 3 корпусун салган (1816—19) Алекси Рилец, Янтра өзөнүнө көпүрө курган (1865—67) Н. Фичев, чиркөө ж-а кербен сарайлар тургузган П. Йованович сыяктуу жерг. чеберлер чыгат. Сүрөт өнөрүнүн алгачкы өкүлдөрү жерг. көркөм мектептердин таасиринде тарбияланып, иконографияда көп иштешсе, 19-к-дын живописчилери диний сүрөт канондорунан бошонуу жолуна түштү. Мис., белгилүү сүрөтчү Захарий Зограф замандаштарынын портретин тартып, реалдуу турмуштун көрүнүштөрүн чагылдырган. Осмон түрктөрүнүн эзүүсүнөн бошонгондо (1878), болгар иск-восунда жаңы доор башталат. Буга бул архит. эстеликтер мисал: Софиядагы И. Вазов атн. Элдик театр, 1904, арх. Ф. Фельнер ж-а Г. Хельмер; Александр Невскийдин эстелик-храмы, 1904—12, орус арх. А. Н. Померанцев. Болгар иск-восунда 19-к-дын 80-жылдары демократчыл реалисттик багыт (живописчилер А. Митов, И. Ангелов, И. Мырквичка ж. б.) пайда болот. 20-к-дын 30-жылдары болгар иск-восу айрым карама-каршылыктарга дуушар келет. Кээ бир сүрөтчүлөр франц. сүрөтчү Сезаннды сокур туурап, экспрессионизмдин, европ. тажрыйбасына кайрылат. Бирок иск-водогу модернизм м-н таймашуу жолунда реалисттик багыт чыңала берет.

Б-да элдик-демокр. түзүлүш орногондо (1944), болгар архит. иск-восунун дүркүрөп өсүшүнө кеңен жол ачылат. София, Пловдив, Варна сыяктуу ш-лар кайра жаңырып, коомдук имараттар, турак үйлөр, спорт комплекстери курулат. Монументтик ж-а станковый иск-во (И. Петров, С. Венев), китеп графикасы (Б. Ангелушев, А. Поплилов), саясий карикатура (А. Грозев, Ц. Цеков) өңдүү иск-во тармактары жог. деңгээлге жетет.

Театры. Драмалаштырылган бийлер ж-а ырым-жырым оюндары Б-да илгери эле болгон. Византиялык өкүмчүлүк ж-а түрктөрдүн эзүүсү улуттук театрдын өсүшүнө жолтоо болгон. 1840-ж. алгачкы элдик театр мектептери түзүлүп, окуучулар болгар тилинде драмалаштырылган диалогдорду аткарышкан. 1856-ж. болгар театрынын башталышына негиз салган оюндар коюлат. Түрк эзүүсүнөн бошонгондон кийин өлкөдө алгачкы театрдык профессионал коллективдер түзүлө баштайт. 1892-ж. Софияда «Көз жашы ж-а күлкү» труппасы түзүлүп, анда белгилүү актёрлор чыг-чыл ишмердигин баштаган. 1904-ж. театр мамл. бюджетке которулуп, Элдик театр деп



Болгария мамл. ыр-бий ансамбли.

аталды (БЭРдин башкы театры). 19-к-дын аягында 20-к-дын башында Б-да бир катар башка проф. театрлар ачылат. 30-жылдары түзүлгөн жумушчу театрлары алдыңкы идеялуулук, реалисттик багыт үчүн күрөшкөн. 2-дүйн. согуш театрдын өсүшүнө тоскоол болду. Б-да элдик-демокр. түзүлүш орногондон кийин театрлар улутташтырылып, проф. театрлардын тармагы көбөйдү. 1969-ж. Б-да 40 театр (32 драма, 8 куурчак театры) болгон. Софияда театр өнөрүнүн ин-ту бар.

Киносу. Кино тартуу Б-да 1910-ж. башталат. Биринчи үндүү фильм 1933-ж. тартылат. Элдик-демокр. бийлик орногондон кийин кино иши мамлекеттин карамагына өтөт (1948). 50-жылдардын башталышында азыркы улуттук кино өнөрүнүн негизи түзүлөт. Дүйнөгө атагы чыккан көркөм фильмдер жаралат. Документтик, ил.-популярдык, мультипликациялык фильмдер да чыгарылат. Софияда «Киноискусство» журналы ай сайын чыгып турат. Көрүнүктүү кино ишмерлери: режиссёрлор Д. Даковский, З. Жандов, Н. Корабов, Д. Мундров, Р. Вылчанов; актёрлор Н. Коканова, Г. Калоянчев, Г. Георгиев.

Музыкасы. Болгар музыкасы славян урууларынын элдик музыкасынын негизинде пайда болгон. Элдик муз. аспаптары: годулка, гусла (кылы бар смычоктуу), тамбура (чертме) ж-а гайда, кавал, свирель (үйлөмө). Христиан динине өткөндөн кийин (9-к.) байыркы болгар тилинде чиркөө ырлары тарайт. Бирок элдик обон-күүлөр өзүнүн өсүшүн токтоткон эмес. Б-нын түрк эзүүсүнөн кутулушу (1878-ж.) муз. мад-ттын тез өнүгүшүнө шарт түзөт. 19-к-дын 90-жылдарынан баштап проф. музыка өнөрү өркүндөй баштады (Е. Манолов, А. Букорештлиев, А. Крыстев, Д. Христов, Г. Атанасов). 1920-ж. П. Владигеров, П. Стайнов, Л. Пипков ж. б-лар ар түрдүү жанрлар б-ча чыг-лар жазышты. 1904-ж. биринчи муз. мектеп, 1908-ж. Б. опера бирикмеси, 1928-ж. биринчи мамл. симф. оркестр ж-а көптөгөн хор коллективдери түзүлдү.

1944-ж. Б-да элдик-демокр. бийлик орногондон кийин муз. мад-ттын өсүп-өнүгүшүнүн жаңы этабы башталды. Б-нын азыркы көрүнүктүү музыканттары: композиторлор П. Владигеров, Л. Пипков, П. Стайнов; дирижёрлор В. Симеонов, К. Илиев ж. б. Б-да консерватория, муз 5 окуу жайы, мамл. 2 ыр ж-а бий ансамбли, муз. театр, мамл. филармония, хор капелласы, эл армиясынын ыр-бий ансамбли бар. 1948-ж. БИАда Музыка ин-ту ачылып, ал элдик ж-а проф. музыканын актуалдуу проблемаларын иштеп жатат.

Ад.: Димитров Г. М., Избр. произв., т. 1—2, М., 1957; Живков Т., Избр. статьи и речи, т. 1—2, М., 1964—65; История Болгарии, т. 1—2, М., 1954—55; Валев Л. Б., Болгарский народ в борьбе против фашизма, М., 1964; Братская дружба, всестороннее сотрудничество, М., 1969; Божков С., Болгарская академия наук, София, 1969; Очерки истории болгарской литературы XIX—XX вв., М., 1959; Цапенко М. П., Архитектура Болгарии. Очерк, М., 1953; Сборник статей болгарских музыковедов, М., 1962; Державин К., Болгарский театр, М.—Л., 1950; Погожева Л., Художественные фильмы Болгарии, М., 1963.

БОЛГАРИЯ АТА МЕКЕНДИК ФРОНТУ болгар элинин патриоттук ж-а демокр. антифаш. күчтөрүнүн бирикмеси катарында Болгариянын жумушчу партиясынын (БЖП) демилгеси м-н 1942-ж. июлда түзүлгөн. Бул фронттун жакынкы максаты фаш. режимди кулатуу ж-а элдик-демокр. өкмөт түзүү болгон. 1949-ж. августта анын Улуттук комитети түзүлгөн. Сентябрдагы элдик куралдуу көтөрүлүштөн (1944) кийин ал фронттун БЖП (коммунисттер) жетекчилик кылган комитеттери аз убакытка болсо да жер-жерлерде бийликти колго алышкан. Элдик улуу чогулушка ж-а жерг. элдик Советтерге шайлоодон кийин бул милдеттер элдик-демокр. бийликтин органдарына өттү. Б. Ата Мек. ф-нун 3-съездинен (1952-ж. 28—29-май) баштап, БКПнын программасы аталган фронттун да программасы болуп калды. Ата Мек. ф-нун 5-съезди Болгарияда социализмди куруп бүтүп, бара-бара коммунизмге өтүү б-ча БКП койгон милдеттерди орундатууга багытталган иштерин андан ары өөрчүтүү чаралары белгиледи. Анын катарында 4 млн-чо адам бар (1973).

БОЛГАРИЯ ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ — Болгар Эл Респ-касынын жог. ил. мекемеси. Б. и. а. 1911-ж. болгар эмигранттары Румыниянын Браила ш-да 1869-ж. түзгөн болгариялык билим ышкыбоздор коомунун базасында уюшулган. Болгарияда элдик бийлик орногонго чейин (1944) Б. и. а. маданий-агартуу, басма иштери м-н гана чектелген. 1949-ж. кайра түзүлүп, Болгария Мин. Советине баш иет. Жог. башкаруу органы — Жалпы чогулуш, Президиум ж-а Президиум бюросу. 1970-ж. Б. и. а-нын 9 бөлүмүнүн составына 50 ил. из. ин-т, лаборат. ж-а топтор кирген: 46 академик, 53 мүчө-корр. ж-а чет элдик 68 мүчөсү бар.

БОЛГАРИЯ КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (БКП) 1891-ж. негизделген. Айрым с.-д. кружоктордон Д. *Благоевдин* демилгеси м-н Болгария с.-д. партиясы (БСДП) түзүлгөн. БСДПнын 10-съездинде (1903) социал-реформисттер (кеңчил социалисттер) партиядан чыгарылган соң Болгария жумушчу с.-д. партиясы (БЖСДП же тыгызчыл социалисттер) маркстык партия катары өз алдынча калыптана баштаган. Тыгызчыл социалисттер жумушчу табын баш коштуруу ж-а уюмдаштыруу багытында маанилүү иш алып барды, болгар пролетариатынын рев-чыл күрөшүнө жетекчилик кылды, 1-дүйн. согуш мезгилинде милитаризм м-н улутчулдукка каршы турду, 2-Интернационалдын сол (рев-ячыл) тарабында болду. Бирок «тыгызчылдар» ал кезде толугу м-н лениндик позицияда турган эмес.

1919-ж. майдагы 22-съездинде БЖСДП (тыгызчыл социалисттер) өз атын Болгария коммунисттик партиясы (тыгызчыл социалисттер) — БКП (т. с.) деп атап, ал съездди БКПнын 1-съезди деп жарыялады. Анда «Программалык декларация» кабыл алынып, ал пролетариат диктатурасы ж-дөгү лениндик идеяларга негизделген. 1923-ж. 9-июнда Болгарияда фаш. төңкөрүш болду. БКП (т. с.) фашизмге каршы сентябрь көтөрүлүшүнө (1923) жетекчилик кылды, бирок анын жеңилип, партиянын легалсыз абалга өткөнүнө карабастан Болгарияда рев-ячыл кыймылдын өөрчүшүнө зор таасир этти. 1927-ж. БКП (т. с.) легалдуу мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу үчүн Жумушчу партиясын (ЖП) түздү. 1935—36-ж. БКП (т. с.) оппортун. агымдардан арылды. 1938—39-ж. БКП (т. с.) м-н ЖП Болгария Жумушчу партиясы (БЖП) болуп бириги, 1944-жылдан ал БЖП (коммунисттер) деп аталды. 2-дүйн. согуш (1939—45) убагында 1942-ж. БЖПнын демилгеси б-ча Ата Мекендик фронт түзүлдү. Ал болгар элинин фашисттерге каршы куралдуу көтөрүлүшүнө (1944-ж. 9-май) жетекчилик кылды. 1948-ж. БЖП(к.) 5-съездин өткөрүп, анда партия Болгария коммунисттик партиясы (БКП) болуп аталды. Анын жетекчилиги м-н өлкөдө кыска мөөнөттүн ичинде социализм жеңип чыкты.

БКПнын делегациялары коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын кеңешмелерине (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган. БКП демокр. централизм негизинде түзүлгөн. БКПнын жогорку органы — съезд, алардын аралыгында, БК. Саясий жетекчилик үчүн Саясий бюро, кезектеги иштерди жүргүзүү үчүн Секретариат шайланат. БКПнын 751 миң мүчөсү бар (1973-ж. окт.) Басма сөз органдары — «Работническо дело», «Ново Време».

БОЛГАРЛАР — улут, Болгар Эл Респ-касынын негизги калкы. Болгар тилинде сүйлөшөт. 1965-жылдагы маалымат б-ча, Болгариянын өзүндө 7,2 млн. Б. жашайт. Алар Румыния, Греция, Югославия, Турция, Венгрия, Чехословакия, СССР (УССР), Түн. ж-а Түш. Америка ж. б. өлкөлөрдө да бар. Б-дын динге ишенгендери негизинен православие дининде; айрымдары гана католик, протестант, мусулман. Б. түш. славян элдерине кирет. Б-дын уюткусун Чыг. Балкандагы байыркы славян уруулары түзгөн, алар көчмөн болгар урууларын өзүнө сиңирип алган. 9—10-к-да туңгуч болгар падышачылыгы түзүлүп, Б. славян тилдүү бир элге айланган. Түрк султандарынын 5 кылымга (14-к-дын аягы — 1878) созулган эзүүсү Б-дын улуттук өнүгүшүнө тоскоол кылган.

Б. кайрадан 18-к-дын аягында капит. мамилелердин өнүгүшү м-н улут катары калыптана баштаган. Түрк эзүүсүнө, грек соода буржуазиясына каршы күрөшү Б-дын биригиши үчүн чоң роль ойногон.

БОЛЕРО (исп. bolero — бий) — жүрүшү орточо, өлчөмү үч үлүштөн турган испан бийи. Б. музыкасы бир ритмдик фигуранын такай кайталанып турушу м-н өзгөчөлөнөт. Б-ну гитара ж-а барабандын коштоосу м-н ырдап жүрүп бийлешет. Бул бий 1780-ж. ченде пайда болгон. Опера, балет ж-а аспаптык пьесаларда да Б. формасында жазылган номерлер бар.

БОЛИВАР Симон (24. 7. 1783—17. 12. 1830) — Америкадагы Испания колонияларынын көз каранды эместиги үчүн күрөштүн жетекчилеринин бири. Тектүү дыйкан үй-бүлөсүнөн. Жаш курагын Европада өткөргөн. Венесуэлада испан үстөмдүгүн кулатып, аны респ-ка (1811) деп жарыялоого активдүү катышкан. Респ-каны испандыктар кыйраткан соң Б. Жаңы Гранадага (азыркы Колумбия) кетет. 1813-ж. Б-дын аскерлери Каракасты алып, өзү башында турган 2-Венесуэла респ-касын түзөт. 1814-ж. жеңилүүгө учурап, 1816-ж. мекенин таштап кетүүгө аргасыз болот. Кулчулукту жоюу ж-а аскерлерге жер бөлүп берүү м-н Б. массанын колдоосуна жетишет. 1819-ж. анын аскерлери Жаңы Гранаданы бошотуп, Б. Улуу Колумбия Респ-касынын президенти болуп шайланат. 1824-ж. Перуну бошотуп, өзүнүн урматына аталган Боливия Респ-касына башчылык кылат. Латын амер. жаш мамлекеттерди бириктирүүгө жасалган аракети иш жүзүнө ашпагандыктан, отставкага (1830-ж.) кетет. Б-дын колон. түзүлүштү жоюуга багытталган ишмердиги түш. амер. өлкөлөрдүн капит. өсүшүнө түрткү берди.

БОЛИВИЯ, Боливия Республикасы — Түш. Американын борб. бөлүгүндөгү мамлекет. Түндүгүнөн ж-а түн.-чыгышынан Бразилия, түш.-чыгышынан Парагвай, түштүгүнөн Аргентина, түш.-батышынан Чили ж-а Перу м-н чектешет. Аянты 1098,6 *км*². Калкы 5190 миң (1972). Конституция б-ча борбору — Сукре, чынында — Ла-Пас. Админ. жагынан 9 департаментке бөлүнөт.



Мамлекеттик түзүлүшү. Б.—республика. Конституциясы (1967) б-ча мамлекет ж-а өкмөт башчысы — президент, 4 жылга шайланган, ал министрилерди дайындап, куралдуу күчтөрдүн да башкы командачысы болгон. Закон чыгаруу бийлигин сенат м-н депутаттар палатасынан турган Улуттук конгресс-парламент жүргүзгөн (1969-жылдагы аскердик төңкөрүштөн кийин ал таратылган). Бийликти 3 жылга жакын аскер-граждандык өкмөт жүргүзүп турган. 1974-ж. 8-июлда жаңы өкмөт түзүлүп, аны куралдуу күчтөрдүн өкүлдөрү башкарат. Шайлоо белгисиз мөөнөткө калтырылды. Б-нын сот органы жог., округдук ж-а участоктук соттордон турат. Юстиция мин-восу Ген. прокурорго баш иет, аны президент дайындайт.



Мамл. гербин ж-а желегин к. *Мамлекеттик герб, Мамлекеттик желек* макаласынын таблицасынан.

Табияты. Б. субэкватордук ж-а тропиктик алкактардан орун алган. Б-нын батышын Андынын Борб. Кордильеринин чыг. бөлүгү (бул жерде ал Пуна деп аталат, бийикт. 4000 *м* ге чейин), чыгышын кең түздүк эзлеп жатат. Түндүгүндөгү кең түздүк аркылуу Бени, Маморе д-лары агып өтөт. Б-нын тоолуу бөлүгү тропиктик бийик тоо климатынын аймагында, анын батышында жылдык жаан-чачыны 150 *мм* ге, чыгышында 500—600 *мм*, Андынын чыг. капталында 2000 *мм* ге чейин. Пунада июлдун орт. темп-расы 3—7°С, январда 9—11°С. Чыг. түздүктөрдө июлдун орт. темп-расы 17—22°С, январда 24—28°С. Ири дарыялары: Бени, Маморе, Гуапоре. Ири көлдөрү: Титикака, Поопо ж. б. Б-нын жеринин 40% токойлуу, баалуу жыгачтары көп. Түздүктөрүндө саванналар бар. Жери кызыл, кызыл күрөң топурактуу. Б-нын чыгышында маймылдар көп, бардык жеринде кемирүүчүлөр, ар түрдүү куштар, Пунада жапайы ж-а бакма лама ж. б. айбандар бар. Суу куштарына да бай.

Калкы. Калкынын ²/₃ бөлүгү — кечуа ж-а аймара аттуу индеец элдери. Алар Пуна бөксө тоосунда ж-а бийик тоолуу өрөөндөрдө жашашат. Шаарларда, ойдуңдуу р-ндордо испан тилинде сүйлөөчү боливиялыктар, айрыкча аргындар көп. Мамл. тили — испан тили. Дини — католицизм. Калкынын орт. жышт. 1 *км*² ге 4 киши (1969). Шаар калкы 35%; ири шаарлары: Ла-Пас, Кочабамба, Оруро, Потоси, Санта-Крус, Сукре.

Тарыхый очерки. Б-нын терр-ясында байыркы замандан тартып эле индеецтер жашап келген. 14-к-да аларды инктер багындырып алат. 16-к-дын башында инктерди Испания басып алып, индеецтердин өз алдынча өнүгүүсүн зордук м-н токтотуп, миллиондогон индеецтерди жок кылган. 300 жыл бою Б. Испанияга колония болуп келди. 1542-жылдан Перу вице-королдугуна баш ийди. 1776-ж. Ла-Плат вице-королдугунун составына кирип, Жог. Перу делип аталып келди. Жог. Перу Испаниянын Түш. Америкадагы эң ири экон. борбору эле. Потосидеги күмүш кени дүйнөдөгү эң ири кен болгон. 19-к-дын башына чейин Жог. Перу Испаниянын казнасына көп күмүш берип турган. Кендерде индеец-митайостор милдеттүү түрдө иштешкен. Жог. Перу кул эзлөөчүлүк м-н феод. крепостной эзүүнүн айкалышкан жери болгон. Индеецтер колон. эзүүгө каршы күрөшүп келишти. 1810—26-жылдагы көз каранды эместик үчүн болгон согуштун натыйжасында Жог. Перу колон. эзүүдөн кутулду. Көз каранды эмес мамлекет болуп түзүлүп, аты Боливия деп жарыяланды. Б. өзүнчө мамлекет болгондон кийин анда жер олигархиясы м-н ө. ж., соода буржуазиясынын ортосунда бийлик үчүн күрөш күчөдү. 19-к-дын ортосунда өлкөгө чет мамлекеттик, көбүнчө англ. капитал келе баштайт. 1879—83-ж. Б. Чили м-н согушуп, терр-ясынын бир бөлүгүнөн ажырайт да, Тынч океанга чыга албай калат. 19-к-дын аягында Б-да калай кендери ачылды, бирок көпкө узабай алар чет өлкөлүк монополиялардын чеңгелине түштү. Нефть үчүн күрөштө англ. ж-а амер. монополиялардын эрегиши Б. м-н Парагвай согушуна (1932—35) алып келип, Б. Чако р-нундагы нефть чыгуучу жерлеринен ажырады. Д. Торонун өкмөтү (1936—37), полковник Г. Буштун өкмөтү (1937—39) өлкөдө амер. монополиялардын кожоюндук кылышын чектөөгө аракет кылды. 2-дүйн. согушка (1939—45) Б. формалдуу катышты (1942-ж. Германия, Италия ж-а Япония м-н дипл. мамилелерди үзүп, 1943-ж. апрелде согуш жарыялады). 1945-ж. Б. СССР м-н дипл. мамиле түздү. 2-дүйн. согуштан кийин Б-да демокр. ж-а антиимпер. кыймыл күчөдү. 1950-ж. январда *Боливиянын коммунисттик партиясы* түзүлдү. 1952-ж. апрелде элдин куралдуу көтөрүлүшү чыгып, ал антиимпер. ж-а антифеод. рев-яга айланды. Рев-янын жеңиши м-н бийликке Улуттук рев-ячыл кыймыл партиясы келди. Президент Пас Эстенсоронун өкмөтү (1952—56) бир катар демокр. чараларды ишке ашырды (рудниктерди мамлекет карамагына өткөрдү, агрардык реформа жүргүздү, жалпы элдик шайлоо укугу киргизилди ж. б.). 1952-ж. Б-нын профсоюздары Б-нын жумушчу борбору болуп биригишти. Б-нын минтип социалдык-экон. жагынан жүргүзгөн чаралары АКШнын импер. чөйрөсүнө жаккан жок. Алар Б-га бойкот жарыялады. Тышкы ж-а ички реакциянын кысымынан улам Э. Силесе Суасонун (1956—60) өкмөтү акырындап демокр. иштерден четтей берди. Чет элдик компанияларга жеңилдик бериле баштады. 1960-ж. АКШнын Кубага кар-

Ла-Пас. Президент двореци.





1



2



3



5



4



6



7



8

Бий макаласына. 1. Орус пляскасы. Краснояр «Сибирь» бий ансамбли. 2. «Березка» бий ансамбли. 3. «Бахор» ансамблинин солисткасы. 5. Лезгинка. 4, 6. Кыргыз бийи. Кыргызстан мамлекеттик Т. Сатылганов атындагы филармониясынын бий ансамбли. 7. М. Эсембаев. «От». 8. Орус пляскасы.



1



2



3



4



5



6



7



8



9

Болгария макаласына. 1. Стара-Планина тоосунун батыш жагы. 2. Искыр өзөнүнүн бою. 3. Велико-Тырново. Янтра д-нын үстүндөгү шаардын бөлүгү. 4. Плевен. Биринчи планда жаңы кварталдар. 5. 1877—78-жылдардагы орус-түрк согушунда Болгариянын эркиндиги үчүн курман болгон орус ж-а болгар жоокерлеринин эстелиги. Шипка. Кыргыз лекет чарбасындагы үй ферма. 9. Пахта терүү.



1



2



3



4



5



6



7



8

Болгария макаласына. 1. Рильский монастыры. 2. Сливен ш. Борбордук бөлүгү. 3. Н. Ненов ж. б. Альбена курорт комплекси. 4. София ш. Ыйык София чиркөөсү. 5—6-к. 5. Х. Стенчев. «Айдоо». 6. Трявне. Саат мунарасы. 1813. 7. Коло доорундагы ылай идиш. Археологиялык музей. Пловдив. 8. Бедерленип күмүштөн жасалган инжилдин тышы.



1



2



3



4



5



6

Бразилия макаласына. 1. Президент сарайына жакын жээк. 2. Сан-Пауло ш. 3. Рио-де-Жанейро, Морру-да-Виуава р-ну. 4. Бразилия ш., О. Нимейер. Улуттук конгресстин имараты. 5. Рио-де-Жанейро, Христос статуясы. 6. Оруп Претудагы Сан-Франсиску чиркөөсү. 7. Революцияны жарыялагандан кийин (Рио-де-Жанейро, 1889-ж. ноябрь). 8. О. Нимейер. Президент сарайы. 1958—59. 9. Каража индеецтеринин кооздолгон карапасы. Этнографиялык музей. Лейпциг.



7



8



9



Ла-Пас ш. Көчөлөрдүн бири.

шы саясатын жактады. Өлкөдө иш таштоо кыймылдары кайра күчөдү. Эл өкмөтүн шайлоо алдындагы убадасын аткарууну талап кылды. Өкмөт иш таштоону басууга күч жумшады. Саясий ишмерлерди камакка алып, демонстрацияны атты. Өкмөт өлдөн колдоо албай калды. 1964-ж. ноябрда бийликке аскерлик хунта келди. Ал репрессияны күчөттү. 1969-ж. ген. Барриентос өлгөндөн кийин абал бир аз оңолду. Ген. А. Овандо Кандий, бийликке келгенден кийин, АКШга нефть жагынан жеңилдик берген закондорду жойду, антидемокр., антипрофсоюздук декреттерди токтотту, бир катар социалдык-экон. кайра куруларды ишке ашырды, амер. «Боливиан галф ойл» нефть компаниясынын менчиги мамлекеттин карамагына алынды. Х. Торрестин өкмөтү да Б-ны империализмге көз карандылыктан куткаруу б-ча бир катар иш иштеди. Бирок мамл. төңкөрүштүн натыйжасында анын өкмөтү кулатылып, армиянын реакциячыл күчтөрүнө ж-а бүрк. оңчул партияга таянган полковник (азыр генерал) У. Бансер Суарес 1971-ж. бийликке келди. Анын өлгө каршы экон. салаты өмгөкчилер массасынын нааразылыгын күчөттү. Бир нече ирет дыйкандардын, жумушчулардын өкмөткө каршы кыймылы чыкты (1972; 1973; 1974). Аскер-гражд. өкмөттүн (Улуттук революциячыл кыймыл ж-а Боливия социалисттик фалангa партияларынын өкүлдөрү кирген) ичиндеги карама-каршылыктын курчушу анын ыдыроосуна алып келди. Ген. Бансер өкмөттүк ж-а социалдык-саясий кризисти жоюу үчүн эл кыймылын өтө катаалдык м-н басты. 1974-ж. 8 -июлда аскер өкүлдөрү гана кирген өкмөттү түзүү. 1974-ж. ноябрда 1980-жылга чейин өлкөдө бардык саясий партияларга тыюу салынганын, жалпыга бирдей шайлоо (1974-ж. июлда өткөрүлмөк) белгисиз убакытка чейин калтырылганын билдирди. Аскер төбөлдөрүнүн бул чаралары өлкөдөгү экон. ж-а социалдык карама-каршылыктарды мурдагыдан да курчутууда.

Саясий партиялары, профсоюздары. Боливиялык социалисттик фалангa 1937-ж. түзүлгөн; буржуазиянын ж-а помещик латифундисттердин таламдарын жактайт. Улуттук революциялык кыймыл (УРК) 1941-ж. түзүлгөн; майда, орто ж-а ири буржуазиянын, жумушчу табынын ж-а дыйкандардын бир бөлүгүнүн өкүлдөрүн биригтирет. Чыныгы революциячыл партия 1960-ж. УРКтун оң тарабынан түзүлгөн. Солчул улуттук революциячыл партия 1964-ж. УРКтун сол тарабынан түзүлгөн, бул партия жумушчуларга таянат. Элдик христиандык кыймыл 1965-ж. түзүлгөн; империалистчил буржуазия кызыкчылыгын көздейт. Боливиянын коммунисттик партиясы (БКП) 1950-ж. түзүлгөн, ал подпольеде иштейт. Профсоюздук ири бирикме—Боливиялык жумушчу борбору (БЖБ) 1952-ж. уюшулган.

Экономика-географиялык очерки. Б. — экон. өсүш жагынан Америкадагы артта калган өлкөлөрдүн бири. Жалпы улуттук кирешенин (1967) 37%-ин ө. ж. ж-а курулуш, 23,7%ин а. ч., 8,1%ин транспорт, 31,2%ин калган башка тармактар берет. Калай чыгаруу б-ча капит. дүйнөдө 2-орунда. Коргошун, цинк, сурьма, нефть алууда да маанилүү орунда; темир, газ кендери ачылган. Экспортко калай, цинк, вольфрам, сурьма, коргошун, күмүш чыгарат. Сырттан азык-түлүк (эгин, кант), күйүүчү май, тех. спирт, жеңил ө. ж. буюмдарын, ар түрдүү жабдууларды алат. Сооданы негизинен АКШ, Улуу Британия, Япония, ГФР м-н жүргүзөт. Акча бирдиги — песо. Автомоб. жолдорунун уз. 25,6 миң км, темир жолу 3,5 миң км. А. ч-да жарым феод. өндүрүш үстөмдүк



А. Рекс Мёрувил. «Жер айдоо». Офорт. 20-к.

кылат. А. ч-ның агротех. деңгээли начар (соко, орок). Иштеле турган жери 3,1 млн. га (бардык жериниин 28%). Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: арпа, киноа (тарунун бир түрү), картошка, жүгөрү, буудай, бал камышы, кофе, какао ж. б. 1973-ж. (млн. м-н) 2,3 уй, 7,5 кой, 2,3 лама ж-а альпак болгон.

Медицина-географиялык мүнөздөмөсү. 1967-ж. ар миң кишиге төрөлгөндөр 51,8ди, жалпы өлүм 12,9ду, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 88,9ду түзгөн. Өмүрдүн орт. узактыгы — 30 жыл (1965). Жугуштуу оорулар өтө көп. Айрыкча дизентерия, гельминтоздор, туберкулёз, венералык оорулар, безгек көп таралган, кээде висцералдык лейшманиоз, чума кезигет. Саламаттык сактоонун борб. органы — Саламаттык сактоо ж-а гигиена мин-восу. 1968-ж. 1,9 миң врач, 986 орто билимдүү мед. кызматкери болгон. 95 миң койкалуу 238 оорукананын 4,5 миң койкалуу 62 ооруканасы гана мамлекетке караштуу, калганы жеке адамдарга таандык. Врачтарды ун-ттердин 3 мед. ф-тети даярдайт.

Эл агартуу. Б-да алгачкы мектептерди 16-к-дын ортосунда миссионерлер ачкан. Респ-ка ориогондон кийин (1825) мамл. ак соокгор мектеби пайда болгон. 1874-ж. милдеттүү башталгыч билим ж-дө закон чыгарылган. 1955-ж. билим берүү ж-дөгү реформага ылайык 7—14 жашка чейинки балдарды милдеттүү түрдө окутуу киргизилген. 1965-ж. Б-да сабатсыздар 60,5% болгон. Элге билим берүүнүн башталгыч звеносу —3—7 жашар балдардын бакчасы. Башталгыч мектептер 6 жылдык, окуу испан тилинде жүргүзүлөт. Шаарлардагы орто мектептерде эркек балдар коллегияларда, кыздар лицейде окушат. Б-да 8 ун-т, Мад-т департаментинин китепканасы, Ла-Пастагы Муниципалдык китепкана ж-а Улуттук музейлер бар.

Басма сөз, радио укторуу, теле көрсөтүү. 1973-ж. Б-да он жети газета ж-а 20дан ашык журнал, башка мезгилдүү басма сөз чыгып турган. Эң ири газеталары (кашаада кайсы жылдан баштап чыгаары көрсөтүлөт): консервативдик багыттагы «Диарио» (1904), оңчул бурж. «Ой» (1969), реакц. клерикал чөйрө органы «Пресенсия» (1962), «Ультима ора» (1928), БКПнин органы «Унидад» (1953), прогрессчил жумалык газета «Пуэбло» (1946), күнүгө эркин чыгуучу газета «Хорнада» (1964). Б-да 80 радиостанция, 1 телестанция бар. 1969-жылдан теле көрсөтүү компаниясы иштейт

Адабияты жана искусствосу. Испандар басып алганга чейин (1531—33) азыркы Б. жерин өзөлгө индеец уруулары мекендеген; алардын оозеки чыг-лары гана болгон. В. ад-ты колониялык мезгилден тартып испан тилинде өнүгө баштайт. 18-к-га чейин айрым тарыхый чыг-лар гана жаралган. Өлкө көз карандылыктан кутулгандан кийин (1826) В. ад-ты европ. романтизмдин таасиринде өөрчүү жолуна түшөт. Бул кездеги көрүнүктүү акын-жазуучулар: Р. Х. Бустаманте (1821—84), Н. Галиндо (1830—65), Н. Агирре (1843—88), М. С. Кабальеро ж. б. Азыркы чоң жазуучулардын бири—Х. Лара (1904-ж т.). Анын «Суруми» (1943), «Янакуна» (1952), «Биздин кан» (1959) романдарында индеецтердин оор турмушу сүрөттөлүп, курч социалдык маселелер коюлат.

5—8-к-да Б-ның тоолуу жерлеринде байыркы Тиауанако мад-тына тиешелүү, таш курулуштар, сүрөттөр, колдонмо иск-во чыг-лары пайда болгон. 16—18-к-да Потоси, Сукре, Ла-Пас ш-лары курулат. Аларды курууга индеец усталар да катышкан. 19—20-к-да эски типтеги архитектура өнөрү сакталып, европ. ж-а амер. архитектурадан үлгүлөрү да кире баштаган. 1920-



Потоси ш. Акча дворецинин порталы.

жылдары бразилия, аргентина архитектурасынын үлгүсүнө салынып Ла-Пас, Кочабамба ш-ларында темир-бетондон көп кабат үйлөр курулат. Б-да сүрөт өнөрү да дурус өнүккөн. Белгилүү сүрөтчүлөр: А. Ногалес; С. Гусман де Рохас ж. б.

Б. музыкасынын уюткусун жерг. элдин (индеец ж-а креол) музыкасы түзөт. Индеецтерде үйлөмө аспаптардын 20дан ашык, урма аспаптардын бир далай түрү бар. Креолдор музыкасында испан мелосунун таасири күчтүү. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башындагы атактуу композитор — Эдуардо Кабо. Ал Ла-Пас ш-дагы Улуттук консерваторияны башкарып, көп сандагы вокалдык, хор ж-а аспаптык чыг-лар, «Потоси», «Ильимани» симф. поэмаларын, «Кольяна» балетин жараткан. Андан башка Теофило Варгас (композитор, фольклорист), Хосе Майдан (композитор ж-а дирижёр) өңдүү муз. ишмерлери бар. 16—17-к-да испан миссионерлери (христиан динин таратуучулар) Потоси ш-нда майрам күндөрүндө оюн көрсөтө баштышкан. 1617—19-жылда Ла-Пас ш-нда драма театры ачылган. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында Р. Мухий, Х. Д. Берриос, Э. Кабальеро, А. Аларконалардын пьесалары коюлат. Б-да профессионал театр өнөрү өнүккөн эмес. Улуттук мад-тка мүнөздүү карнавалдар февр.—март айларында чоң шаарларда өткөрүлөт. Ла-Паста Сахналык иск-во ж-а көркөм окуу академиясы ачылган. 1949-ж. Театр ж-а радио ишмерлеринин коому түзүлгөн. Фильмдерди 1943-ж. негизделген Боливия кино ин-ту чыгарат. Белгилүү реж. Х Санхинес «Укамау», «Кондор каны» көркөм фильмдер, «Айса», «Революция» аттуу документ фильмдер койгон. Кинотеатрлардын көпчүлүгү Потоси ж-а Ла-Пас ш-ларында. Б-да көчмө киноустановкалар да иштейт.

Ад.: Лукашова Е. Н., Южная Америка, М., 1958; Галин Ю., Боливия, М., 1962; Экономика Латинской Америки в цифрах. Статистический сб., М., 1965; Гонсалес Рауль Руис, Боливия — Прометей Анд. пер. с исп., М., 1963; Кутейщикова В. Н., Роман Латинской Америки в XX в., М., 1964.

БОЛИВИЯЛЫКТАР — Боливиянын калкы, 5,33 млн. киши (1973). Боливияда индеец калкы басымдуулук (2/3 ге жакыны) кылат, калганы негизинен метистер (чоло), о. эле европ. калктар. Кечуа м-н аймара индеецтери көбүнчө а. ч-да ж-а кен казуу жумуштарында иштейт. Чолонун көбү соодагер, майда кызматчы ж-а квалификациялуу жумушчу. Мамл. тили — испан тили. Тоолуу р-ндордун калкы эки тилде (испан ж-а кечуа же аймара) сүйлөшөт. Б. католик дининде, ал эми индеецтерде христиан динине чейинки айрым диний ишенимдер сакталып калган.

БОЛИВИЯНЫН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (БКП) мурда майда буржж. солчул рев-чыл партиянын (1940-ж. негизделген) составына кирген коммунисттик топтордун биригишинин натыйжасында 1950-ж. январда негизделген. 1950—52-ж. легалсыз шартта иштеген. 1952-ж. апрелде элдик көтөрүлүшкө катышкан. 1951—54-ж. БКПнин 6 конф-ясы болду. Анын 6-конф-ясы (1954-ж. июнь) партиянын саясий туура жолун иштеп чыгууда ж-а аны уюштуруу жагынан чыңдоодо эң маанилүү роль ойноду. 1967-ж. партияга тыюу салынып, 1969-ж. гана ачык иштөө мүмкүнчүлүгүн алды. БКПнин негизги программалык максаты — жумушчу табынын жетекчилиги м-н келечекте соц. жолго түшө турган антиимпер. элдик рев-яны ишке ашыруу. 1971-ж. БКП кайрадан легалсыз иштөөгө өттү. 1971-ж. башка солчул күчтөр м-н бирдикте рев-ячыл антиимпер. фронтту түзүүгө катышты. БКПнин делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын кеңешмелерине (1957, 1960, 1969, Москва) катышып, алардын документтерин жактырган. БКП демокр. централизмдин принциби б-ча түзүлгөн. Борб. органы — «Унидад» газетасы.

БОЛИД (гр. bolis — ыргытма курал) — билинерлик бурчтук өлчөмгө ээ болгон өтө жарык *метеор.* Көпчүлүк учурда ал жарылуудагыдай, күн күркүрөгөндөй үн чыгарып учуп, артында пайда болгон газдуу же чаңдуу из калтырат. Мындай учурлар кээде Б-дин Жерге *метеорит* болуп түшүүсү м-н аяктайт.

БОЛОМЕТР (гр. bolē — нур ж-а ...*метр*) — нур энергиясын ченөөчү прибор. Анын иштеши нур ченелүүчү сезгич элементке жутулганда, элемент ысып, электр каршылыгын өзгөртүшүнө негизделген. Сезгич элемент түрдүү металлдардын жука (0,1—1 *мкм*) катмарларынан жасалат да, анын бети нурду жакшы жутсун үчүн карартылган күмүш катмары м-н капталат. Сезгич элементтердин каршылыгы электрдик көпүрөчө схемасы б-ча ченелет.

БОЛОНЬЯ — Түн. Италиядагы шаар. Түн. Апеннин тоосунун этегиндеги Рено д-нын жээгинде. Калкы 488,5 миң (1969). Маанилүү транспорт тоому; өлкөдөгү оор ө. ж. борборлорунун бири. Ө. ж-нын башкы тармактары: автомобиль, трактор куруу, кездеме токуу, тигүү, бут кийим, тамак-аш ж. б. Б.— атомдук изилдөө борборлорунун бири. Музейлер, сүрөт галереясы, ун-т (11-к.), чиркөөлөр, дворецтер ж. б. архит. эстеликтер бар.

БОЛОТ — темир м-н көмүртекти ж. б. кошундулар (марганец, кремний, күкүрт, фосфор ж. б.) м-н бирге эриткенде алынган деформациялануучу куйма (көмүртектүү Б.); составына көмүртек компонентинен тышкары хром, никель, молибден кошулган куйма (легирленген Б.). Б. алуунун көп процесстери бар (к. *Болот эритүү өндүрүшү*). Б. структурасы кадимки (бөлмөдөгү) темп-рада бекемдик касиети төмөн, бирок жумшак феррит ж-а катуулук, бекемдик касиети өтө жогору болгон цементит бөлүкчөлөрүнөн туруп, мех., оптикалык, электрдик, жылуулук өткөргүчтүк касиеттери жакшы материал болгондуктан, машина курууда кеңири керектелет. Б-тун мех. касиеттерин жакшыртуу максатында термиялык же химия-термиялык иштетүүлөр колдонулат. Пайдаланылышына жараша курулуштук, аспаптык ж-а өзгөчө физ.-хим. касиеттеги Б. деген класстарга бөлүнөт (к. *Аспаптык болот*). Б-ту дат басуудан сактоо үчүн сырткы беттери хром, цинк, коргошун ж. б. м-н жалатылат.

БОЛОТ КОНСТРУКЦИЯЛАРЫ — өнөр жай имараттарынын болоттон жасалган каркастары. Имараттарды, кеме жасоочу эллингелерди ж-а самолёт туруучу *ангарларды* ж. б. курууда пайдаланылат. Б. к-нан курулуш крандары, мунаралар, нефть чалгындоодогу мунаралар, чоң диаметрлүү түтүктөр, домналар ж. б. жасалат ж-а дат басуудан сактоо үчүн керамика, бетон ж. б. материалдар м-н капталат. Б. к-н долбоорлоодо конструкциянын бекем ж-а туруктуу болушун камсыз кылуу зарыл. Чоң Б. к. көргөзмө павильондорун, спорт залдарын, самолётторду жыйноочу цехтерди жабууда колдонулат. Б. к. көмүртек аз кошулган, аз легирленген ж-а өтө бекем болоттон жасалат.

БОЛОТ ЭРИТҮҮ ӨНДҮРҮШҮ — болот эритүүчү мештерде чоюнду жог. темп-ра м-н кычкылдантып, составындагы көмүртекти азайтуу аркылуу болот куймаларды даярдоо өндүрүшү. Б. э. ө-нүн эң алгачкы жөнөкөй түрү тигель процесси болгон. 19-к-дын 2-жарымында машина куруу ж-а айрыкча т. ж. транспортунун талаптарына байланыштуу конвертер мештерин колдонуу жолу м-н жүргүзүлүүчү бессемер ж-а томас процесстери пайда болуп, алар болот куймасын массалык түрдө өндүрүүгө мүмкүндүк түздү. Андан кийин чоюн ж-а болот сыныктарынан турган шихтаны (кошунду сырьё) эритип, болот куймаларын алууга мүмкүндүк түзгөн мартен процесси колдонула баштады. Бул кылымдын аяк ченинде болотту электр мештеринде эритүү, 20-к-дын 50-жылдарынан баштап СССРде сапаттуу таза болотту вакуум мештеринде эритүү өндүрүшү ишке киргизилди. Бул мештерде жог. темп-рада өтүүчү кычкылдануу реакцияларында чоюн болотко айланат. Суюк эритмеде калуучу темирдин чала кычкылы (FeO) ж-а болоттун көмүртек, кремний, марганец ж. б. б-ча тиешелүү процентик составы эритмеге атайын кычкылдантуучу элементтерди кошуу жолу м-н кадимки абалга келтирилет.

БОЛОТНИКОВ Иван Исаевич (т. ж. белгисиз — 1608-ж. ө.) — Россияда дыйкандар м-н малайлардын (1606—07-жылдагы антифеод.) ири көтөрүлүшүнүн жетекчиси. Б. боярин Телятевскийдин малайы болгон. Жаш кезинде доңдук казактарга качып, татарларга туткун болуп, Турцияга кулдукка сатылган. Түрктөр немецтерден жеңилгенден кийин Б. Россияга кайткан. 1606-ж. жайында түштүктө көтөрүлүш чыгарып, ага жетекчи болгон. Дыйкандар согушу көп жерлерди камтыган. Б-дун аскерлери падыша В. Шуйскийдин армиясын оор жоготууларга учуратып, 1606-ж. октябрда Москваны курчап алышкан, бирок 1606-ж. 2-декабрдагы салгылашууда жеңилип, Калугага чегинген. 1607-ж. май айында Б-дун аскерлери Шуйскийдин армиясын талкалап, Калуганы бошотот, бирок июнда Тула ш-да

курчоодо калып, Б. колго түшөт да, Каргополго айдалат. Ошо жерде мыкаачылык м-н өлтүрүлгөн. к. *Дыйкандар көтөрүлүшү, 1606—07 (Иван Болотников башкарган).*

БОЛОТТУ ГАЗСЫЗДАНДЫРУУ — эритилген болоттогу газды бөлүп чыгаруу. Газдар болоттун физ.-тех. касиеттерине терс таасир тийгизгендиктен, 1950-жылдарда сов. илимпоздор А. М. Самарин м-н Л. М. Новиковдун сунушу б-ча эритилген болотту куяр алдында мешсиз вакуумдук иштетүү ыкмасын колдонуп, составындагы газы эң аз таза болот алууга мүмкүн болду. Бул ыкма дүйн. практикада 1-жолу СССРде (1952) Енакиев металлургиялык з-дунда ө. ж-лык сыноодон өттү. Мешсиз вакуумдук иштетүүнүн теориялык негизи көмүртектин кычкылданткыч жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга ж-а составындагы суутек, азот газдарын такыр азайтууга багытталган. Көмүртек м-н кычкылтеги эң аз сандагы болот ийилчээк, бекем келет да, андан куймаларды ж-а сомдоп иштетилүүчү тетиктерди даярдоо ыңгайлуу.

БОЛОТТУ ЭЛЕКТРДИК ЭРИТҮҮ — электр энергиясы м-н атайын мештерде болотту эритүү процесси. Болот эритүүчү 1-электрдик жаа мешин 1899-ж. франц. инженер П. Эру түзгөн. СССРде ушундай «Электросталь» з-ду 1917-ж. курулган. Б. э. э. башка процесстерге караганда жог. темп-раны пайда кылып ж-а мештин ички чөйрөсүн нейтралдык же калыбына келтирүүчү атмосферага, кээде вакуумга айландырууга шарт түзүп, сапаттуу легирленген болотту алууга мүмкүндүк берет. Катуу шихтадан болот эритип алуу процесси электрдик жаа же индукциялык мештерде электроддордун жардамы м-н жүргүзүлүп, мында 1 *т* болотту алууда 500—700 *квт·с* тан (көмүртектүү Б.) 1000 *квт·с* ка (легирленген Б.) чейин электр энергиясы жумшалат. Б. э. э. өндүрүшүндө баштапкы материал катарында мартен же конвертер болотунун эритилген чала продукциясы пайдаланылса, электрдик жаа мештеринин өндүрүмдүүлүгү 2 эсе жогорулап, 1 *т* болотту алууга жумшалган электр энергиясынын саны 300 *квт·с* тан ашпайт. Электрдик вакуум меши Б. э. э-дө перспективалуу болуп саналат.

Ад.: Кузьмин Б. А. и др., Металлургия, металловедение и конструкционные материалы, М., 1971.

БОЛУШ [орусча волость (власть) — бийлик] — 1) Окт. рев-ясына чейинки Россиядагы админ.-терр-ялык бөлүк. 1865-ж. августта чыккан «Убактылуу жобонун» негизинде Кырг-ндагы аймактар уезддерге, уезддер болуштарга бөлүнгөн. Б-тар 1000—2000 түтүндөн турган. Мис., 1913-ж. Пишпек у-динде 50, Пржевальск у-динде 33 Б. болгон. Жер которуп келгендерден өз алдынча жамааттар (общиналар) түзүлүп, алар кыштак Б-тары деп аталган. Калкты аймакташтырып бөлүштүрүү кыргыздардын ар башка уруу топторун бир админ. биримдикке баш коштуруп, жерг. отурукташкан ж-а көчмөн калктын арасындагы чыр-чатактын, кагылыштардын, барымтанын азайышына алып келген, көчмөн элдин отурукташына аздыр-көптүр шарт түзгөн. Болуштук бөлүнүш 1917-жылга чейин сакталып, Окт. рев-ясынан кийин сов. негизде кайрадан уюштурулган, мис., Кырг-нда 1926-ж. 4 округга баш ийген 72 Б. бар болгон. СССР БАК м-н ЭКСтин 1930-ж. августтагы чечимине ылайык райондор түзүлгөнүнө байланыштуу Б. жоюлган.

2) Кырг-нда болушту башкаруучу (волостной) да Б. аталып кеткен. Б-ту шайлоо эки баскычтан турган. 50 түтүндөн бир шайлоочу — элүү башчы шайланган. Б. ошол элүү башчылардын съездинде 3 жылдык мөөнөткө шайланып, аскер губернатору тарабынан бекитилген. Болуштук кызматка демейде ээүүчү таптын өкүлдөрү көтөрүлгөн. Болуштар өкмөттүн жарлыктары м-н сот өкүмдөрүнүн аткарылышын көзөмөлдөп, жер чатагын чечүү, жер, чабынды бөлүп берүү, салык салуу, жыйноо сыяктуу иш аткарган.

БОЛЬЦМАН Людвиг (20. 2. 1844—5. 9. 1906) — австр. физик, статикалык физикага ж-а физ. кинетикага негиз салуучулардын бири. Вена ИАнын (1895) ж-а бир нече өлкөнүн академиясынын мүчөсү. Б. 1866-ж. Вена ун-тин бүткөн, 1869-жылдан проф. Ал ошол мезгилдеги физиканын бардык тармактары ж-а математиканын кээ бир бөлүмдөрү б-ча ил. иш жүргүзгөн. Алардын ичинен маанилүүлөрү — газдардын кинетикалык теориясы ж-а термодинамиканын статикалык негизделиши. Д. *Максвеллдин* газ молекулаларынын ылдамдыктарынын бөлүштүрүү законун сырткы күчтөр талаасындагы газдарга колдонуп, «Больцман бөлүштүрүүсү» деген формуланы аныктады (к. *Больцман статистикасы).* Идеалдык газдардын кинетикалык теориясына статистикалык методдорду колдонуп, газдардын кинетикалык теориясынын негизги теңдемесин чыгарган. Б-дын эң негизги эмгектери кайталанбас процесстерди изилдөө ж-а *термодинамиканын экинчи башталышын* статистикалык жол м-н түшүндүрүү маселелерине арналган.

БОЛЬЦМАН ПРИНЦИБИ — физ. системанын энтропиясы S м-н анын абалынын термодинамикалык ыктымалдуулугу Wнын өз ара төмөнкүчө байланышуусу: $S=k\ln W$ (k — Больцман турактуулугу). Аны австр. физик Л. Больцман сунуш кылган (1872), к. *Энтропия.*

БОЛЬЦМАН СТАТИСТИКАСЫ — өз ара аракеттенишпеген көп сандаган бөлүкчөлөрдүн физ. статистикасы. Молекулалары бири бири м-н начар байланышкан сейректелген газдар Б. с-на баш иет. Системадагы көп бөлүкчөлөрдүн ар биринин абалын так аныктоо мүмкүн эмес, бирок ар бир бөлүкчөнүн орт. кыймылы аркылуу системанын жалпы абалы мүнөздөлүшү мүмкүн. Бөлүкчөлөр мүмкүндүгүнө жараша бөлүнөт, да, бул абалда алардын координаталары (r) ж-а импульстары (p) белгилүү мааниге ээ болот. Бул матем. түрдө бөлүкчөлөрдүн берилген абалда болуу ыктымалдыгын мүнөздөөчү бөлүштүрүү функциясы аркылуу түшүндүрүлөт. Сырткы күчтөрдүн таасиринде болгон идеалдык газдар үчүн Больцман бөлүштүрүү функциясы $f(p,r)=A\exp\left(-\frac{p^2/2m+u(r)}{kT}\right)$



М. Н. Большаков.

$p^2/2m$ — массасы m болгон молекуланын кинетикалык энергиясы, $u(r)$ — анын потенциалдык энергиясы (k — Больцман турактуулугу), T — газдын абс. темп-расы. A шарт б-ча аныкталат.

БОЛЬШАКОВ Михаил Николаевич (1907-ж. т.) — сов. инженер-гидротехник, гидролог, тех. илимд. кандидаты. Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр. (1954). 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. 1931-ж. Ленинграддагы политех. ин-тту бүтүргөн. 1954—67-ж. Кыргыз ССР ИАнын Энергетика ж-а суу чарба ин-тунун (1962-жылдан Кырг-н суу чарба ил. из. ин-ту) директору. 1967-ж. мелиорация системасын комплекстүү автоматташтыруу б-ча ил. из. ин-тунун бөлүм башчысы. Тянь-Шань гидрологиясы б-ча ил. иш жүргүзгөн. Анын 60тан ашык эмгеги (3 монография) басылып чыккан. 2-дараж. Ата Мекендик Согуш, Кызыл Жылдыз ордендери ж-н медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Водноэнергетические ресурсы Киргизской ССР, Фр., 1960 (совм. с В. Г. Шпаком); Водные ресурсы рек советского Тянь-Шаня и методы их расчета, Фр., 1972.

БОЛЬШАЯ МЕДИЦИНСКАЯ ЭНЦИКЛОПЕДИЯ (БМЭ) — мед. б-ча тармактык энциклопедия. 1-жолу (1928—36) 35 том, 2-жолу (1956—64) 36том болуп чыккан. Мед. илимдин дүркүрөп өсүшүнө байланыштуу 1970-жылдан 3-жолу 30 томдугу чыгып жатат.

БОЛЬШАЯ СОВЕТСКАЯ ЭНЦИКЛОПЕДИЯ (БСЭ) — биринчи маркстик-лениндик универсал энциклопедия, азыркы дүйн. энциклопедиялардын ирилеринин бири. Москвадагы *«Советская энциклопедия»* басмасынан чыгарылат. СССР БАКтын Президиумунун токтому (1925) м-н БСЭнин 66 томдуу 1-басылышы 1926—47-жылда чыккан. 2-басылышы СССР Мин. Советинин (1949-ж. февр.) токтомуна ылайык 1950—58-ж. 51 том (51-си кошумча) болуп чыгарылган. 1957-жылдан бери БСЭнин Бир жылдыктары

(Ежегодниктери) басылат. КПСС БКнын (1967-ж. 2-февр.) токтому 6-ча БСЭнин 30 томдук 3-басылышы чыгарылууда. 1-тому 1969-ж. чыккан. Келому жагынан БСЭ 2-басылышынан аз (3,5 миң автордук табак), ага 100 миңден ашуун макала кирет. БСЭнин чыгарылышына СССРдеги ил. мекемелер, жог. окуу жайлар, партиялык, профсоюздук, комсомолдук, сов. уюмдар ж-а чыгармачыл союздар, о. эле дүйнөнүн 44 өлкөсүнүн илимпоздору, саясий иштмерлери катышууда. БСЭнин үчүнчү басылышы АКШда англис тилине которулуп жатат.

Аб.: Новое в науке и проблемы подготовки словника 3-го издания БСЭ, М., 1965; Шмушкис Ю. Е., Советские энциклопедии, М., 1975.

БОЛЬШЕВИЗМ — эл аралык жумушчу кыймылындагы саясий ойдун ревчыл, ыраттуу маркстик агымы. 20-кылын башында Россияда өнүгүп чыккан. 1903-ж. *РСДРПнын 2-съездинде* партиянын жетекчи органдарын шайлоодо Лениндин тарапкерлери көпчүлүк добуш алганы үчүн большевиктер, оппортун. позициядагылар азчылыкта калганы үчүн меньшевиктер деп аталган.— «Б.» термини ошондон улам келип чыккан. «Большевизм саясий ойдун агымы катарында ж-а саясий партия катарында 1903-жылдан тартып жаман келе жатат» (Ленин В. И., Чыг., кырг. 1-бас., 31-т., 8—9-б.).

Б-дин теориялык негизи — марксизм-ленинизм, В. И. Ленин Б-ге: «...доордун өзгөчө шарттарына революциячыл марксизмди колдонуу...», — деп аныктама берген (ошондо, 17-т., 353—54-б.). Б. рев-чыл теория м-н практиканы айкалыштырып, В. И. Ленин иштеп чыккан идеялык, уюмдаштыруу ж-а тактикалык принциптерди жетекчиликке алды. Пролетариаттын жаңы типтеги саясий партиясы катары ошол кездеги 2-Интернационалдын партияларынан түп-тамырынан айырмаланган. Ал — социалдык рев-яныи ж-а пролетариат диктатурасынын партиясы. Б. рев-чыл-бошт. кыймылды майда бурж. реформизм м-н алмаштырган *народниктерге*, марксизмдин желеги астында жумушчу кыймылын буржуазиянын таламдарына баш ийдирүүгө тырышкан *«легалдык марксчылдарга»*, Россияда пайда болгон алгачкы оппортун. багыт — *«экономизмге»* каршы күрөштү. Кас саясий партиялар м-н агымдар — кадеттерге, бурж. улутчулдарга, *эсерлерге, анархизмге, меньшевизмге* каршы күрөштө чыңдалды. Өз катарынын тазалыгын бекем сактап, большевиктер партиясынын ичиндеги оппортун. агымдарга — ликвидаторлорго, *«солчул коммунисттерге»*, троцкизмге, «жумушчу оппозициясына», ВКП(б)-деги оңчул уклонго каршы күрөштү.

Б. түзүлгөндөн эле эл аралык жумушчу кыймылында маркстик-лениндик теориянын тазалыгы үчүн, ил. социализмди жумушчу кыймылы м-н бириктүрүү, бернштейнчиликке, ар түрдүү оппортунисттерге, ревизионисттерге, сектанттарга, *центризмге*, социал-шовинизмге каршы күрөш жүргүздү. 1903-ж. кабыл алган өз программасын жүзөгө ашырып, большевиктер партиясы 1905—07-жылдагы бурж.-демокр. рев-яда, 1917-жылдагы Февр. бурж.-демокр. рев-ясында ж-а 1917-жылдагы Улуу Окт. соц. рев-ясында падышачылыкка ж-а капитализмге каршы күрөштү башкарды. Большевиктер партиясы рев-чыл теорияны, стратегия м-н тактиканы иш жүзүнө ашырып, жумушчу табының социализм үчүн күрөшүн, тынчтык үчүн бүткүл элдик күймылды, дыйкандардын жер үчүн болгон күрөшүн, Россиянын эзилген элдеринин улуттук-бошт. күрөшүн бир нукка салып, бул күчтөрдү капитализмди кулатууга багыттады.

1917-ж. Окт. соц. рев-ясынын жеңишинин натыйжасында Россияда пролет. диктатурасы орнотулуп, тарыхта түңүч социализм өлкөсү пайда болду. Большевиктер партиясы Улуу Окт. рев-ясынын жеңишин камсыз кылып, Совет бийлигин түзүүнү ж-а чыңдоону жетектеди. 1918—20-жылдагы Гражд. согуштун убагында Совет респ-касынын коргонуусун уюштурду. РКП(б)нин 8-съездинде (1919) партиянын соц. коомду куруу милдетин алдыга койгон 2-программасы кабыл алынды. Партия совет элинин бардык күч-аракетин эл чарбасын калыбына келтирүүгө, өлкөнү соц. индустриялаштырууга ж-а а. ч-сын коллективдештирүүгө, маданий рев-яны ишке ашырууга мобилизациялап, СССРде социализмди курду. 1941—45-жылдагы Улуу Ата Мек. согушта совет элин бүткүл дүйн. тарыхый жеңишке жеткирди. Социализмдин курулушуна байланыштуу партиянын 2-программасы орундалды. Партиянын 22-съезди (1961) кабыл алган КПССтин Программасы — коммунизмди куруунун программасы. Азыр бүткүл совет элинин күч-аракети бул милдетти ийгиликтүү чечүүгө багытталган. Росс. с.-д. жумушчу партиясы (РСДРП) партиянын 7-(Апрель) конф-ясынан (1917) баштап офиц. түрдө РСДРП(б) деп аталды. 1918-жылдын мартынан Росс. Коммунистик (большевиктер) партиясы — РКП(б), 1925-ж. декабрдан — ВКП(б), 1952-ж. партияны 19-съезднинен баштап *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы* (КПСС) деп аталды.

Аб.: к. *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы ж-а Марксизм-ленинизм* макалаларынын аягынан.

БОЛЬШЕВИЗМДИН АГРАРДЫК ПРОГРАММАСЫ—Коммунисттик партиянын жалпы программасынын агрардык маселе б-ча негизги милдеттерин аныктаган болгуң. Марксизм-ленинизм пролетариаттын бийлик үчүн күрөшүндө союздашы болгон дыйкандар маселесин пролет. диктатурасынын маселесинин составдуу ж-а ажырагыс бөлүгү катары карайт. Агрардык-дыйкандар маселесинде ревчыл марксизмди В. И. Ленин орус марксчыларынын ичинен 1-болуп коргоп, марксизмди, өзгөчө анын агрардык-дыйкандар маселесиндеги жобололорун жаңы тарыхый шартка ылайыктап ил. жактан өнүктүрдү. В. И. Ленин өзүнүн «Эл достору» деген эмне ж-а алар социал-демократтарга каршы кандай күрөшүн жатат?» (1894) деген эмгегинде Б. а. п-на негиз салган. РСДРПнин 2-съездин (1903) дайрдоо мезгилинде *«Искра»* газетасынын редакциясы В. И. Ленинге партиянын агрардык программасын иштеп чыгууну тапшырган. В. И. Ленин ошол кезде эле помещиктердин жерлерин конфискациялоо, бардык жерларды мамлекеттештирүү идеясын сунуш кылган. РСДРПнин 3-съездинде (1905) агрардык программа каралган жок, бирок «Дыйкандар кыймылына карата мамиле жөнүндөгү» рез-яда дыйкандардын бардык рев-чыл чаралары кубаттalсын деген милдетти койгон. РСДРПнин 4-(Бириктирүүчү) съездинде (1906) большевиктер *жерди мамлекеттештирүүнү* жактатты, бирок меньшевиктер көпчүлүк болгондуктан, *жерди муниципализациялоо* программасын өткөрүп кетишти. В. И. Ленин жерди муниципализациялоо ж-дегү меньшевиктердин агрардык программасынын теориялык ж-а экон. жактан негизсиз экенин, саясий жактан зыяндуулугун далилдеди. РСДРПнин 5-съездинде (1907) меньшевиктер жерди муниципализациялоо программасынан баш тартын, В. И. Ленидин бардык жерди мамлекеттештирүү ж-дегү рев-чыл программасына кошулушту. РСДРП(б)нин Бүткүл росс. 7-(Апрель) конф-ясы партиянын агрардык программасын кайрадан кароонун зарылдыгын таануу м-н, В. И. Ленин сунуш кылган рез-яны кабыл алды. Бул рез-я Окт. рев-ясын даярдоо кезинде партиянын эң маанилүү программалык документи болду. Рез-яда партия помещиктик, уделдик ж. б. жерлерди дароо ж-а толук конфискациялоо үчүн күрөшөт, бардык жерди Дыйкан депутаттар Советтеринин органдарынын колуна тез арада өтүшүн чечкиндүү түрдө жактайт деп көрсөтүлгөн.

Окт. рев-ясынын жеңишин Б. а. п-ныи талаптарын орундоону камсыз кылды. Өлкөдө пролет. диктатурасы орнотулгандан кийин партиянын агрардык маселе б-ча программасынын негизги мазмуну айыл-кыштакты соц. негизде кайра куруу болду. Окт. рев-ясынын жеңишинин 2-күнүндө болгон Советтердин Бүткүл росс. 2-съездинде кабыл алынган Жер ж-дегү Декретке ылайык помещиктердин бардык жерлери конфискацияланып, дыйкандарга болуңуп берилди. РКП(б) 8-съезди (1918) кабыл алган партиянын программасы соц. ири а. ч. түзүү б-ча чараларды белгиледи. РКП(б) кедей-дыйкандарга таянып, орто дыйкандар м-н бекем союз түзүү саясатына өттү. Гражд. согуштун ж-а чет өлкөлүк интервенциянын убагында, Совет Респ-касынын душмандарын жеңип чыгууда жумушчу табы м-н эмгекчи дыйкандардын союзун ар тараптан чыңдоо зор мааниге ээ болду. Жаңы экон. саясатка өтүү м-н, партия жаңы экон. негизде жумушчу табы м-н дыйкандардын союзун чыңдады. В. И. Ленин Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы өлкөбүздүн агрардык өнүгүү тажрыйбасын корутундулап, аны соц. негизде кайра куруу жолун белгиледи. В. И. Ленидин акыркы макалалары м-н сүйлөген сөздөрү Компартиянын агрардык маселе б-ча программалык документтерине болуп калды. В. И. Лениндин кооперативдик планын жүзөгө ашырууда колхоз курулушу (к. *Айыл чарбасын коллективдештирүү*) жеңип чыкты.

КПССтин 22-съезди (1961) кабыл алган партиянын программасы коммунизмди куруу мезгилинде а. ч-ныи ж-а коомдук мамилелердин өнүгүшүн белгиледи. Б. а. п-ныи бүткүл дүйн. эл аралык маанисн зор. Коммунисттик ж-а жумушчу партиялар өз өлкөлөрүнүн социалдык-экон. ж-а саясий өнүгүү шарттарынын өзгөчөлүктөрүн эске алып, Б. а. п-ныи лениндик принциптерин өздөрүнүн агрардык программаларынын негизине алат (к. *Агрардык маселе*).

Аб.: Ленин В. И., «Эл достору» деген эмне жана алар социал-демократтарга каршы кандай күрөшүн жатат?, Чыг., кырг 1-бас., 1-т.; ошонуку, Орус социал-демократтарынын агрардык программасы, ошондо эле 6-т.; ошонуку, Деревнялык кедейлерге, бул да ошондо, 6-т.; ошонуку, 1905—1907-жылдардагы биринчи орус революциясында социал-демократиянын агрардык программасы, бул да ошондо, 13-т.; КПСС... резолюцияларында жана чечимдеринде, 1—4 болүк, Фр., 1956; Лопаткин А. Н., Из истории разработки аграрной программы большевистской партии, М., 1952; Трапезников С. П., Ленинизм и аграрно-крестьянский вопрос, т. 1—2, М., 1967.

«БОЛЬШЕВИК»— ВКП(б) БКнын теориялык ж-а саясий журналы, к. *«Коммунист»*.

БОЛЬШЕВИК (мурдагы Чала казак)— Чүй р-нундагы Ак-Бешим сельсоветине караштуу кыштак. «Ак-Бешим» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Старо-Покровкадан 3,5 *км* түш.-бат. тарапта. Токмок т. ж. станциясынан 4 *км*. Калкы 723 (1974). Орто мектеп, клуб, медпункт, китепкана бар.

БОЛЬШЕВИК — Ош, обл-ныи Өзгөн р-нундагы Ак-Жар сельсоветине караштуу кыштак. «Алга» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Өзгөндөн 27 *км* түн.-чыг. тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 77 *км*. Калкы 874 (1974). Башталгыч мектеп, клуб бар.

БОЛЬШЕВИК — Нарын обл-ныи Ат-Башы р-нундагы Ача-Кайыңды сельсоветине караштуу кыштак. СССРдин 50 жылдыгы атн. с-здун аймагында. Р-ндун борбору Ат-Башыдан 22 *км* чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 262 *км*. Калкы 409 (1974). Башталгыч мектеп, китепкана, медпункт бар.

БОЛЬШЕВИК, Бүркүт — Ысык-Кол обл-ныи Тоң р-пундагы Төрт-Күл сельсоветине караштуу кыштак. 22-партсъезд атн. к-здун аймагында. Рыбачье — Пржевальск шоссе жолунун боюнда. Р-ндун борбору Бөкөнбаевден 8 *км* бат. тарапта. Калкы 1456 (1972). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БОЛЬШЕВИК (мурдагы Үкөк)— Нарын обл-ныи Кочкор р-нуиун Кочкор сельсоветине караштуу кыштак. «Большевик» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Кочкордон 5 *км* түш. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 65 *км*. Калкы 1186 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БОЛЬШЕВИКТЕР ФРАКЦИЯСЫ, Россия социал-демократиялык жумушчу фракциясы — 1912-ж. сент.-октябрда 4-Мамл. думага жумушчулардын ичинен шайланган большевик депутаттар тобу. 1913-ж. 27-октябрда түзүлгөн. Анын составында А. Е. Бадаев, Г. И. Петровский, М. К. Муранов, Н. Р. Шагов, Ф. Н. Самойлов, Р. В. Малиновский (1914-ж. провокатор экендиги ашкерелеиип, Думадан чыгарылган) болгон. Меньшевиктер 7 кандидатурасын шайлоодон өткөрүшкөн.

Адегенде 2- ж-а 3-Мамл. думадагы сыяктуу соц.-демокр. фракция 4-Мамл. думада да бирдиктүүдөй болуп көрүндү, бирок 1-күндөн тартып эле фракцияда негизги маселелер б-ча большевиктер м-н меньшевиктердин ортосунда күрөш башталды. Меньшевиктер өздөрүнүн ликвидаторлук ураанын ишке ашырышмакчы болушту. РСДРП БКнын парт. кызматкерлер м-н өткөрүлгөн «февралдагы» ж-а «августтагы» кеңешмелери меньшевиктердин бул кылык-жоруктарын партиянын программасын түздөн-түз бузгандык деп айыптады.

Большевиктер тобу БКнын чечимине таянып, 1913-ж. 16-октябрда фракциянын 2 болүгүнүн тең укуктуу болушун талап кылган билдирүү жасады. 25-октябрда меньшевиктер каршы экендигин билдирди. Ушуга байланыштуу большевиктер В. И. Ленин сунуш кылган «Россия социал-демократиялык жумушчу фракциясы» деген ат м-н өз алдынча фракция болуп түзүлдү. Большевик депутаттар легалдык жумушту легалсыз жумуш м-н айкалыштырышып, өлкөнүн ө. ж. борборлорун кыдырышып, падышачылыктын элге каршы саясатын ашкерелеп, самодержавиени рев-я аркылуу кулатып, респ-каны жеңип алуу боштондукка чыгуунун бирден-бир жолу экенин массага түшүндүрүштү. Алар 1914-ж. 2—4-ноябрда большевиктердин Озеркиде болгон конф-ясына катышты. Конф-яның бардык катышуучулары м-н бирге алар камакка алынып, 1915-ж. 10—13-февралда большевик депутаттардын соту болду. 5 депутат падышачылыкты кулатууну максат кылып койгон уюмга катышты деп айыпталып, Чыг. Сибирге (Турухан крайы) айдалды. Алар 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин кайтып келишти.

БОЛЬШЕВИКТЕРДИН АСКЕР ЖАНА КҮЖҮРМӨН УЮМДАРЫ — аскердик болүктөрдүн рев-чыл кыймылына жетекчилик кылган парт. уюмдар. Алардын 1-уюмдаштыруучу конф-ясы 1906-ж. 16—22-ноябрда Таммерфорсто өттү. Конф-я аскер ж-а күжүрмөн уюмдардын убактылуу бюросун шайлады. 1-орус рев-ясы жеңилгенден кийин ал иштөөсүн токтоткон. Февр. рев-ясынан (1917) кийин аскердик парт. уюмдар тылдагы ири гарнизондордо, фронттогу аскердик болүктөрдө кайрадан түзүлдү. 1917-ж. марттa Петербург комитетинин алдында аскердик уюм түзүлүп, апрелде РСДРП(б) БКнын алдындагы аскердик уюмга айландырылды. Аскердик парт. уюмдардын жумушун өркүндөтүү максатында 1917-ж. 16—23-июнда РСДРП(б)нин фронттогу ж-а тылдагы аскер уюмдарынын Бүткүл росс. конф-ясы откорулду. Ага 26 миң партия мүчөсүнүн атынан 167 делегат катышты. Анда В. И. Ленин учурдагы момент ж-а агрардык маселе б-ча доклад жасады. Конф-я РСДРП(б)нин Апрель конф-ясынын чечимине кошулуп, аскердик уюмдардын уставынын долбоорун кабыл алды; анын партиядагы ордун белгилеп, РСДРП(б) БК м-н байланышын чыңдады: аскердик уюмдардын Бүткүл росс. борб. бюросун шайлады. Бюро «Солдатская правда» газетасын чыгарып турду. Аскердик уюмдардын өкүлдөрү куралдуу көтөрүлүшкө багыт берген партиянын 6-съездинин ишине катышты.

Большевиктердин бул уюмдары армия м-н флотту большевиктештирүү ишин камсыз кылып, жерг. уюмдарда рев-чыл аскер комитеттерин уюштурууга активдүү катышты. Партияныи аскердик уюмдары падышачылыкты кулатууда, Окт. рев-ясынын жеңиш чыгышында, Совет мамлекетинин куралдуу күчтөрүн түзүүдө, Сов. Армияныи кадрларын даярдоодо маанилүү роль ойноду. РКП(б)нин 7-съезди аскердик парт. уюмдарды жоюуну мүмкүн деп эсептеди.

БОЛЬШЕВИКТИК БАСМА СӨЗ (Октябрга чейинки мезгил)— В. И. Ленин ж-а большевиктер партиясы уюштурган жаңы типтеги рев-чыл басма сөз. Буга *большевизм* пайда болгондон берки коммунисттик партиянын бардык басма сөз, китеп чыгаруу иши кирет. *«Искра»* газетасынан баштап В. И. Лениндин жетекчилиги астында парт. басма сөз коллективдүү пропагандист ж-а агитатор гана эмес, Россияда маркстик партиянын коллективдүү уюштыруучусу да болду. Б. б. с. КПССтин тарыхы м-н тыгыз байланышта рев-чыл күрөштүн ар бир тарыхый этабында партиянын алдында турган милдеттерин аткаруу га жардам берди. Рев-чыл кыймыл

өнүгүп, массанын арасында партиянын саясий таасири күчөгөн сайын, пролетар массасынын коллективдүү уюштуруучусу болгон Б. б. с-дүн ролу да өстү. Б. б. с. аркылуу партиянын өзүнө да жетекчилик кылуу жүзөгө ашырылды. Ыраатгуу коммунисттик парт. принцип, марксизм-ленинизм теориясына берилгендик, масса м-н тыгыз байланыштуулук — Б. б. с-дүн мүнөздүү белгиси. Б. б. с. большевиктик партиянын программасы м-н уставын, маркстик-лениндик теориянын өтө маанилүү жоболорун пропагандалап түшүндүрдү, массаны пролет. интернационализмдин духунда тарбиялады. В. И. Ленин Октябрга чейинки мезгилде парт. басма сөздү уюштуруу маселелери м-н мазмунуна арнап, каттарын эсептебегенде, 30дан ашык чыгарма жазган. РСДРПнин 2—3-съездери, РСДРПнин аскер ж-а кужурмөн уюмдарынын 1-конф-ясы, Жалпы росс. 5- ж-а 6-конф-ялары (Прага, 1912), «Пролетарий» редакциясынын кеңейтилген заседаниеси (1909), парт. кызматкерлер м-н откорулгөн 2-кеңешмеси (1913), РСДРПнин чет элдеги секциясынын конф-ясы (1915) борб. орган м-н парт. басма сөз ж-дө атайын чечимдер кабыл алган.

Б. б. с-дүн түрлөрү өтө көп. Мезгилдүү басма сөз (газета, журнал, жумалык бюллетендер) м-н бирге баракчалар, китепчелер, китептер да чыгып турган. Падыша өкмөтүнүн дайыма куугунтугунда болгон большевиктер партиясы басма сөздү масса арасына таратуу үчүн ачык (легалдык) ж-а жашырын (легалсыз) мүмкүндүктөрдүн бардыгын чебердик м-н пайдалана билди. Нааамдарынын тез-тез өзгөрүп турушу, чыгуу убагынын кыскалыгы, айтыла турган пикирдин жашырындыгы, орду м-н убактысынын жалгандыгы, ар түрдүү органдардын аттарынын окшоштугу сыяктуу Б. б. с-дүн өзүнчө өзгөчөлүктөрү болгон.

Б. б. с-дүн беттеринде бурж.-демокр. ж-а соц. рев-яның этаптарындагы партиянын стратегиясы м-н тактикасын негиздеген документтер жарыяланды, самодержавиеге ж-а капитализмге каршы чечкиндүү күрөшкө, массаны стачкага чакырган ураандар берилди. Рев-яга чейинки Б. б. с. жумушчу табы м-н дыйкандардын оор турмушун, падышачылыктын эзүүсүн, бурж. ж-а майда бурж. партияларын келишкичтигин, пародниктердин, эсерлердин, анархисттердин жалган соц. теориясынын ж-а майда буржуазиянын рев-чылдыгынын элге жат экендигин ашкерелеп, «оңчул» ж-а «солчул» оппортунизмге каршы чечкиндүү күрөш жүргүздү. Экономизмди, меньшевиктердин тактикалык, программалык, уюмдаштыруу маселелердеги оппортунизмин, центризм м-н келишкичтерди ашкерелеп, антипарт. август блогун идеялык уюмдаштыруу жагынан талкалоого ж-а оппортунисттерди 1912-ж. партиянын катарынан куун чыгууга жардам берди. Самодержавие кулатылгандан кийин ал массага В. И. Лениндин *Апрель тезистеринде* баяндалган соц. рев-ялга өтүү багытынын маанисин түшүндүрдү, меньшевиктер м-н эсерлердин келишкич саясатын ашкереледи, массаны куралдуу көтөрүлүштү даярдоого мобилизациялады.

Жалпы росс. 1-маркстик жашырын газета 1900-ж. В. И. Ленин чет өлкөдө уюштурган «Искра», РСДРПнин 2-съездинен кийин (1903) большевиктердин рев-чыл тактикасын ыраттуу пропагандалаган ж-а меньшевиктерди ашкерелеген негизги органы *«Вперёд»* (1904—05), «Пролетарий» (1905) газеталары болду. Большевиктер 1905—07-ж. рев-я убагында ачык чыгуучу басма сөзгө ээ болду (мис., «Новая жизнь», 1905; «Волна», 1906; «Вперёд», «Эхо» ж. б.). РСДРПнин 4-(Бириктирүүчү) съездинен кийин РСДРПнин легалдык борб. органы «Пролетарий» (1903—09), «Социал-демократ» (1908—1917) газеталары болуп келди. 1917-жылдын мартынан *«Правда»* газетасы партиянын борб. органы болуп калды. Ал 1912—14-ж. күн сайын чыгуучу массалык жумушчу газетасы ж-а ишжүзүндө РСДРП БКнын органы катары чыгып турган.

Окт. рев-ясына чейин басылып чыккан китеп м-н китепчелер—Б. б. с-дүн маанилүү составдык бөлүгү. Россияда К. Маркс м-н Ф. Энгельстин көп сандаган чыг-ларын («Коммунисттик партиянын манифести», 1869; «Капитал», 1-т., 1872) чыккан. В. И. Ленин чыг-ларын дайыма жарыялаган. Саясий экономия, философия, пл. социализм, тап күрөшү, пролет. партиясы ж-дөгү маанилүү маселелер б-ча көп сандаган ад-т чыгарылган. Б. б. с-дүн традицияларын, аның массага жетекчилик кылуудагы ж-а партия алдыга койгон милдеттерди чечүүдөгү тажрыйбасын сов. парт. басма сөз улантып жатат (к. *Демократиялык басма сөз, Басма сөз, Партиялык басма сөз*).

Б. б. с. Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоодо ж-а жүргүзүүдө, өлкөдө Совет бийлигин орнотуп, чыңдоодо өтө зор роль ойноду.

Ад.: Маркс К., Энгельс Ф., О печати. Сб. М., 1963; Ленин В. И., О печати. М., 1959; Большевистская печать. Сб. материалов, в. 1—4, М., 1959—61; Токомбаев А., Басма сөздүн партиялуулугунун жана элге тааныдуулугунун лениндик принциптерине бекем турабыз, «Коммунист», 1970, № 6; Карасаев Х., Кыргызстанда улуттук басма сөздүн өөрчүшү, «Эл агартуу», 1973, № 5.

БОЛЬШЕВИКТИК БОРБОР 1907-ж. РСДРПнин 5-съездинде (1907-ж. апр. —май), большевиктик фракциянын жыйналышында шайланган; реакция жылдарында парт. уюмдардын жумушуна жетекчилик кылган. Ал 1807-ж. Финляндияда, 1908-ж. Женевада, 1909—10-ж. Парижде жайгашкан. Б. б. «Пролетарий» газетасынын кеңейтилген редакциясы катары партиянын чечимдери м-н документтерин, каттарын басып чыгарып, большевиктик ад-тты жашырын түрдө Россияга таратып турган. Россиянын өзүндө болсо парт. борбордун ролун РСДРП БКнын Орус бюросу аткарган. Б. б. РСДРП БКнын Орус бюросу ж-а жерг. парт. уюмдар м-н жашырын кат алышуу аркылуу байланышып, алардын реакция учурундагы жумушуна жетекчилик кылды; партиянын ичиндеги ликвидаторлорго, отзовисттерге каршы чечкиндүү күрөш алып барды. Б. б. Россиянын 130дан ашык шаары ж-а калктуу жери м-н байланыш жасап турган. РСДРП БКнын 1910-ж. январдагы пленуму уюштуруу маселеси б-ча компромисстүү чечим кабыл алды; бул чечимге баш ийген большевиктер: 1) «биз өзүбүздүн фракциялык борборубузду тарказабыз»; 2) «биз «Пролетарий» газетасын чыгаруучу токтотобуз» (КПСС... резолюцияларында жана чечимдериңде, кырг. бас., 1-бөлүк, 274-б.) деген декларация киргизишти. Б. б. 1910-жылы февралда жоюлган.

«БОЛЬШЕВИСТСКАЯ ПЕЧАТЬ» — ВКП(б) БКнын басма сөз ж-а басма иши б-ча журналы. Москвада 1933-жылдын октябрынан 1941-жылдын июлуна чейин он күндө бир чыгып турган.

БОМБА (лат. bombus — дүрүлдөө, дүңгүрөө) — 1) артилл. снарядынын эски аты. Жылмакай стволдуу артиллерияда Б. же гранат деп сфера түрүндөгү чоюн корпусуна дүрмөт катарында кара дары салынган жыгач түтүктөн турган снарядды аташкан (к. сүрөт). 19-к-дан баштап орус артиллерия-



Жылмакай стволдуу артиллерия бомбасы: *1* — корпус; *2* — түтүкчө; 3 — заряд.

сында массасы 1 *пуддан* (16 *кг*) ашык болгон снаряд Б. деп аталган. 20-к-дын 30-жылдарынын башында артилл. терминден Б. деп атоо алынып салынган. 2) Авиац. согуш куралдарынын бир түрү. 3) Суу астында жүрүүчү кайыкты суу астында жүргөндө талкалоого арналган снаряд.

БОМБАДАН САКТАНУУЧУ ЖАЙ — авиац. бомбалардын сыныктарынан ж-а алар жарылгандагы аба толкунунун соккусунан, фугастык аракеттеринен адамдарды сактоо үчүн атайын курулган жашырынчу жай. Б. с. ж. кийинки кездерде хим. ж-а атомдук куралдарга каршы коргонууга ылайыкталып курулат. Ал, 1-дүйн. согушта авиация колдонула баштаганда, элди сактоо зарылдыгынан улам пайда болгон. 2-дүйн. согуштун мезгилинде абадан кол салууга каршы коргонууда Б. с. ж-ды куруу өзгөчө өөрчүдү.

БОМБАЛООЧУ АВИАЦИЯ — согуш авиациясынын кургактагы же деңиздеги объектилерди бомба ж-а ракета м-н кыйратуучу түрү. Самолёттун аткара турган милдетине ж-а учуу тактикалык көрсөткүчтөрүнө ылайык Б. а. фронттук ж-а стратегиялык (АКШ армиясында тактикалык ж-а стратегиялык) болуп болүнөт. Фронттук Б. а. кургактагы аскер күчтөрүнүн аракетин колдоого, стратегиялык Б. а. душман тылындагы объектилерди бомбалоодо пайдаланылат. АДФ аскерлеринин аракетин сүрөмөлөө үчүн да колдонушат. Б. а-ның негизги куралы — башкарылуучу ж-а башкарылбоочу ракеталар.

БОМБЕЙ (аял кудай Мумбанын атынан), **Чоң Бомбей** — Индия Республикасынын шаары, Макараштра штатынын админ. борбору. Араб деңизинин жээгинде, Сомсет а-нда. Калкы 5,9 млн. Ал — жүк ташып чыгаруу ж-а ташып келүү жагынан чоң порт, эл аралык ири аба жол тоому, өлкөдөгү эң негизги экономикалык, маданий ж-а финансы-банкалык борбор. Жеңил ө. ж. жакшы өнүккөн. Машина куруу, нефть ж-а металл иштетүү (автомоб. жасоо, электр жабдууларын жыйноо ж. б.), химия, булгаары, жыгач иштетүү, полиграфия өнүккөн.



Бомбей. Деңиз жээгиндеги көчө.

Б-дин качан негизделгени белгисиз. 1534-ж. аны португалиялыктар каратып алган. 1661-ж. португалиялык принцесса англ. король Карл IIге тийгенде, Б. сеп катары Англияга өткөн. 1668-ж. англ. Ост-Индия компаниясына берилген. Б. 19-к-дын 2-жарымынан Индиядагы жумушчу кыймылынын борборуна айланган. Мында 1946-ж. мориктардын чоң көтөрүлүшү чыккан, ал көтөрүлүш Индиянын көз каранды абалдан кутулушуна (1947) көмөкчү болгон.

Б-де мыкты архит. эстеликтер бар. Көп имараттар индиялык архитектуранын үлгүсүндө курулган (15—18-к.), англ. *неоклассицизм* ж-а жаңы *готика* стилинде (19—20-к.) салынган. Мында ун-т, атомдук ил. из. ж-а техног. ин-ттар ж. б. маданий мекемелер бар.

БОНАПАРТИЗМ — Улуу франц. революциядан кийин 1799-ж. Францияда Наполеон Бонапарт (к. *Наполеон I*) орнотөкөн согуштук диктатураны ж-а 1848-ж. рев-я жеңилген соң, 1851-ж. бийликке келген Луи Бонапарттын (к. *Наполеон III*) диктатурасын атоо үчүн колдонулган термин. Кийин согушчандар м-н дыйкандардын реакциячыл маанайдагы катмарларына таянып күрөшкөн таптардын ортосунда өбин таап ишкылган ири буржуазиянын контррев-ячыл диктатурасы да ушундайча аталган.

БОНАПАРТЧЫЛАР — Францияда Биринчи империя (1804—14) ж-а Экинчи империя (1852—70) кулагандан кийин Бонапарттардын династиясын кайра калыбына келтирүүнү жактаган адамдар. 1848-жылдагы рев-я мезгилинде Б. Наполеон Інин бир туугандынын баласы принц Луи Бонапарттын (к. *Наполеон III*) бийликке келишине көмөкчү болушкан. 1851-ж. 2-декабрдагы мамл. төңкөрүштөн кийин Луи Бонапарт бонапарттык режимди орнотқон. Үчүнчү респ-канын тушунда Б. — монархисттик партиялардын бири.

БОНДАРЧУК Сергей Фёдорович (25. 9. 1920-ж. т.) — советтик киноактёр ж-а кинорежиссёр, СССР эл артисти (1952). Ростов-на-Дону театр окуу жайында окуган. 1946-ж. армиядан келип, ВГИКтин актердук ф-тетин бүтүргөн (1948). Кинодо биринчи жолу Валконун («Жаш гвардия», 1948) ролун аткарган. Аткарган мыкты ролдору: Тарас («Тарас Шевченко», 1952), Отелло («Отелло», 1956), Соколов («Адам тагдыры», 1959), Пьер Безухов («Согуш жана тынчтык») ж. б. «Адам тагдыры» фильмин (1959) оз алдынча коюп, режиссёр катары да таанылды. Ал оз алдынча Л. Н. Толстойдун «Согуш жана тынчтык» романы б-ча 4 сериялуу (1967), италиялыктар м-н «Ватерлоо» (1970) фильмдерине режиссёрлук кылды. Бир нече жолу эл аралык кинофестивалдардын сыйлыктарын алды. Лениндик сыйл. (1960), СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1952). Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланды.



«Адам тагдыры» фильминен кадр. 1959. Режиссёру ж-а башкы ролдо — С. Бондарчук.

Ад.: Ханютин Ю. М., Сергей Бондарчук. М., 1962.

БОНИТЁР — малды бонитировкалоочу адис, к. *Бонитировка*.

БОНИТИРОВКА — малды тукуму ж-а кунардуулугу б-ча баалоо. Ал 1934-жылдан жүргүзүлүүдө. Б-ның жобосу м-н тартибди СССР а. ч. мин-восунун көрсөтмөсүнө ылайык белгилепет. Б-ны зоотехник-бонитёр жүргүзүп, ага ветврач же фельдшер, ферма башчысы, бригадир ж. б. кызматкерлер катышат. Бул иш жыл сайын белгилүү мөөнөттө өткөрүлөт. Чоң мал теги, экстерьери, кунардуулугу, тирүүлөй салмагы, тукумунун сапаты, ал эми жаш мал теги, экстерьери ж-а тирүүлөй салмагы б-ча бааланат. Мис., үйдүн кунардуулугу сүтүндөгү май ж-а белоктун саны, уяң жүндүү койдуку жун кыркыны, сапаты, чыбаштуулугу м-н аныкталат. Б-да мал ж-а бакма канаттуулар продуктуулугуна карата класстарга бөлүнүп, ошол б-ча бааланат. Б-га жараша алардын пайдалануу багыты ж-а өндүрүштүк топторго бөлүнүшү такталып, алар-

Бонн. 11—13-к-да салынган собор.



дын продуктуулугун жогорулатуу, тукумдук сапатын жакшыртуу чаралары иштеп чыгылат.

БОНН — ГФРдин борбору (1949-жылдан). Түн. Рейн-Вестфалия жеринде, Рейн д-нын сол жээгинде. Калкы 300 миң (1970). Ө. ж. анча өнүккөн эмес. Б. маанилүү трансп. тоому. Рейндеги порт, электр тех. ж-а түстүү металл буюмдарын чыгаруучу, так механика ж-а оптика, фармацевтика, мебель, керамика, тамак-аш ишканалары иштейт. Б-до ГФРдин соода ө. ж. палатасы бар. Анда Бетховен туулган. Бонн ун-тинде 1835—36-ж. К. Маркс окуган. Ун-т (1777-жылдан), жог. а. ч. мектеби, консерватория, пед. жог. мектеп ж-а ил. коомдор бар. Б. 1-к-да римдиктер тарабынан негизделген.

БОНН ДОГОВОРУ (1952), к. *«Жалпы договор» (1952).*

БОНЧ-БРУЕВИЧ Владимир Дмитриевич (28. 6. 1873—14. 7. 1955) — сов. мамл. ж-а партиялык ишмер, тарых илимд. доктору. 1895-жылдан Компартиянын мүчөсү. 1892-ж. маркстик кружоктордун катышуучусу. 1896—05-ж. чет өлкөлөрдө жашап, В. И. Ленин м-н таанышкан. *«Искра»* ж. б. большевиктик газеталардын активдүү кызматкери. Женевада большевиктик ад-ттарды бастыруу ж-а жер-жерлерге жиберүү ишине башчылык кылган. 1903—05-ж. Женевада РСДРП БКнын экспедициясын башкарып, РСДРП БКнын парт. архивин, борб. китепканасын уюштурган. Партиянын 3-съездин чакырууга даярдык көргөн. Петербургда 1905—07-жылдагы рев-яга катышкан ж-а «Новая жизнь», «Волна», «Вперёд» газеталарында, «Наша мысль» журналында иштеген. Окт. куралдуу көтөрүлүшүнүн убагында Смольный — Таврия дворец аймагынын коменданты, Петроград коргонуусунун рев-ячыл комитетинин мүчөсү, саботажга ж-а контррев-яга каршы күрөш жүргүзүү б-ча комитеттин пред-ли. 1917—20-ж. РСФСР ЭКСтин иш башкаруучусу. Кийинки жылдарда ил. иштерде болгон. 1918-жылдан Коомдук илимдер соц. академиясынын анык мүчөсү. Россиядагы рев-ячыл кыймылдын тарыхы, этногр., ад-т, дин ж-а атеизм тарыхы б-ча бир топ эмгек жазган. 1933-ж. Мамл. ад-т музейинде ж-а 1945—55-ж. СССР ИАнын Ленинграддагы дин ж-а атеизм тарыхы музейинде директор. Ленин ордени м-н сыйланган.

БОНЧ-БРУЕВИЧ Михаил Александрович [9(21). 2. 1888—7. 3. 1940] — сов. радиотехник, СССР ИАнын мүчө-корр. (1931). Петербургдагы Инженерлер окуу жайын (1909), Офицерлер электр тех. мектебин (1914) бүтүргөн. 1922-ж. Москва жог. тех. окуу жайынын, 1932-ж. Ленинград байланыш инженерлер ин-тунун проф. (азыр ал ин-т Б.-Б. атн.). 1916—19-ж. электрондук лампаларды түзүүнүн ата мекендик 1-өндүрүшүн уюштурган. 1918-ж. Нижегород радио лабораториясынын башчысы. В. И. Лениндин тапшырмасы б-ча Коминтерн атн. кубаттуу (12 *квт*) радио угузуу станциясын долборлоп, ал 1922-ж. Москвада курулган. 1919—25-ж. суу м-н муздатылуучу кубаттуу генератордук радио лампаны конструкциялаган ж-а радио-телефон станциясынын схемасын иштеп чыккан. 1924—30-ж. Б.-Б-тин жетекчилиги м-н кыска радио толкундардын таралышы изилденип, дүйнөдө 1-болуп кыска толкунда иштөөчү багытталган антенна жасалган ж-а алыскы радио байланыштын кыска толкундуу линиясы курулган. Б.-Б. атмосферанын жог. катмарларынын физикасы ж-догу маселелерге кызыгып, радиожарык, ультра үн толкундары м-н *ионосфераны* изилдеген. «Радиотехниканын негиздери» курсунун автору.

БОО — эгиндин, чөптүн бир байламы. Б. кол ж-а машина м-н байланат. Анын салмагы өсүмдүктүн түрүнө ж-а түшүмүнө жараша болот: жаздык эгиндики 7—8 *кг*, күздүгүнүкү — 8—12 *кг*. Боолаганда коромжу азайып, ташуу, үйүү, кургатуу ж. б. жумуш жеңилдейт. Боолук катарында көбүнчө өсүмдүк сабагы пайдаланылат.

БООМ КАПЧЫГАЙЫ — Кыргыз ж-а Күнгөй Ала-Тоолорунун тутумдашкан жериндеги антецеденттик капчыгай. Көтөрүлүп жаткан тоонун желишинен (Чүй д-нын эрозиялык аракетинин натыйжасында) пайда болгон. Фрунзе ш-нан 100—140 *км* чыг. тарапта,



Боом капчыгайы. Алдыңкы планда Чүй д.

деңиз деңг. 1200—1600 *м* бийиктикте. Уз. 40—45 *км*, туурасы 0,2—0,8 *км*, түн. бөлүгүнүн капталдары (Жолой-Бешиктен Кыз-Күйөөгө чейин) тик (40—50°), орто бөлүгү кенен, жантык (25—35°, Кызыл Булак), түш. бөлүгү (Көк-Мойнок) адырлуу бөксө тоо (15—20°). Бал-Камыштан Кызыл Окт. көпүрөсүнө чейин Кара-Кырдын капталындагы шагыл таш, куюлма кумай таштар бийик таш дубалдар м-н тосулган. Б. к. аркылуу Ысык-Көл м-н Чүй өрөөнүн байланыштыруучу темир ж-а шоссе жолдору өтөт.

Ад.: Шульц С. С., Анализ новейшей тектоники и рельеф Тянь-Шаня («Зап. ВГО», новая серия, г. 3) М., 1948; Рельеф Киргизии, Ф., 1964; Токомбаев Ш., Геоморфология Чон-Кемин-Боомского района Северного Тянь-Шаня, Фр., 1969.

БООР (hepar) — тамак сиңдирүүчү без. Омурткасыз жаныбарларда Б. тамак-ашты эритүүгө ж-а сиңирүүгө катышып, организмге керек заттардын (май ж-а углерод) запасын топтойт. Хордалуу жаныбарлар м-н адамда организмдеги зат алмашуу процессине катышуучу ж-а тамак сиңдирүүчү маңыздардын бири — өттү иштеп чыгарат. Б.— адамда эң чоң без, чоң кишилерде салм. 1,5—2 *кг*. Ич көң-



Адамдын боору (алды — үстү жагынан көрүнүшү): *1* — боор эт; *2* — боордун таажы сымал байламтасы; *3* — сол үч бурчтуу байламта; *4* — сол бөлүгү; *5* — орок сымал байламта; *6* — тегерек байламта; *7* — алдыңкы учу; *8* — өт баштыгы; *9* — оң бөлүгү; *10* — оң үч бурчтуу байламта.

дөйүнүн өйдөкү бөлүгүнөн орун алган. Б-дун боор этке тийишин жаткан томпогой бети орок сымал байламта аркылуу эки (оң, сол) бөлүккө, ичин көздөй чуңкурайган астыңкы бети өт баштыгы, көк кан тамыр ж-а байламталар жатуучу издер аркылуу 4 бөлүккө бөлүнөт. Б. сол жагынан карын, төмөн жагынан оң бөйрөк, жоон ичеги ж-а он эки эли ичеги м-н чектелет. Б-дун дарбазасы аркылуу дарбаза көк кан тамыры, боордун кызыл кан тамыры кирип, лимфалык тамырлар ж-а боор өткөөлдөрү чыгат. Б-дун ичиндеги капиллярлардан майда көк кан тамырлар түзүлөт, алардан Б-дун ичиндеги көк кан тамыры куралып, төмөнкү көңдөй көк кан тамырына куят. Б. өтө татаал кызматтарды аткарат: белок, гликоген, май, холестеринди синтездейт. Тамак эрип ж-а сиңип жатканда, ичеги карында пайда болгон уу заттарды Б-дун клеткалары уу эмес хим. заттарга айландырат. Б-догу зат алмашуу процесси ар кандай ферменттердин катышуусу м-н жүрөт. Аны нерв системасы ж-а түрдүү гормондор жөнгө салып турат.

Ад.: Мясников А. Л., Болезни печени, М., 1949; Жданов Д. А., Общая анатомия и физиология лимфатической системы, Л., 1952; Быков К. М., Условнорефлекторные связи почки и печени, Избр. произв., т. 2, М., 1954.

БООР БУТТУУ МОЛЛЮСКАЛАР, өөк буттуу моллюскалар (Gastropoda) — моллюскалар тибиндеги омурткасыз жаныбарлардын классы. Булар 3 бөлүктөн (дене ж-а баш, дене көңдөйүнөн) турат. Башында ооз тешиги, сезгич жуп мансжасы ж-а 2 көзү бар. Дене көңдөйүнүн боор бөлүгү жабышкак былжыр зат бөлүп чыгаруучу бези бар булчуңдуу органга айланган. Моллюскалар буту м-н кургакта жылып, суу түбүндө катуу нерселерге жабышып жүрөт.

Дүйнөдө 40 миңге жакын түрү белгилүү (алардын жарымына жакыны өлүп жок болгон). СССРде 1500гө жакын түрү кездешет. Алар океан, деңиз, көл, туздуу ж-а тузсуз сууда, ысыктыгы 53°C болгон кайнар булакта да жашайт. Б. б. м-дан кооз буюмдар, муз. аспаптар жасалат. Кээ бир түрлөрүнөн тамак-аш даярдалат. Б. б. м-дын ичинен а. ч-на зыян келтиргендери да бар (мис., жылаңач жер желимдер).

БООРДОШТУК — коомдук аң-сезимдин бир элементи. Б. түшүнүгүнүн социалдык мазмуну тарыхый абалга жараша өзгөрүп турган. Түрдүү элдер м-н өлкөлөрдүн тарыхында, эзүүчү таптар элдердин караңгылыгынан, таптык сезиминин төмөндүгүнөн пайдаланып, Б. сезимин ж-а умтулуусун өз мүдөөсү үчүн пайдаланып келишкен. Азыркы бурж. идеологдор Б-та таптык сезим жок деп ишендирүүдө. Б. мазмуну жагынан пролет. интернационализм м-н патриотизмге жакын турат. Марксизм-ленинизм классиктери Б. сезимдерин кайсы доордо болбосун, ар түрдүү элдердин ошол доордун коомдук-саясий абалы м-н тыгыз байланышта карайт. Мис., Россияда жеңип чыккан пролетариатка Европанын миллиондогон жумушчуларынын билдирген Б. сезимин көрсөтүүгө болот. Көп улуттуу совет эли миллиондогон элдерди фашизмден ж-а таптык эзүүдөн бошотууда Б-тун жог. сезимин көрсөтө алды. КПССтин Программасында Б. коммунизмди куруучулардын моралдык кодексинин негизги бир принциби катары белгиленет.

БООРДУН КАТЫШЫ, цирроз (гр. kirros — янтардуу, саргыч) — боордун иштешинин бузулушунан анын ткандарында кошумча чел өсүп, көлөмүнүн кичирейүүсүнөн пайда болгон өнөкөт оору. Б. к-да боордун лимфа ж-а кан айланышы төмөндөйт, кээ бир ткандарда *некроз* пайда болуп, боордун зат алмаштыруу функциялары начарлайт. Б. к-на сарык, ичкиликти көп ичүү, белок ж-а витамин жетишпегендик, жүрөк оорусу, ар түрдүү инфекциялар себеп болот. Ооруган адам тамак ичe албай, тамактангандан кийин ичи көөп, курулдап, эти кычышып, териси ж-а көзүнүн агы саргарып, алы кетип, арыктай баштайт ж-а ичине суу толуп *(асцит)*, дем алуусу кыйындайт. Ооруну кабылдап кеткенде, боор өтө кичирейип, көк боор чоңоёт, оорулуу кан кусат. Оорунун алдын алуу — ичкилик ичпей, витаминдүү, белоктуу тамакты өз убагында ичүү. Сарык м-н ооруган адам 1—2 жыл врачтын карoосунда болуп, тамак режимин сактоосу зарыл.

БООР ООРУСУ, к. *Гепатит.*

БООРСОК — кыргыздын улуттук тамагы. Ал казак, өзбек ж. б. элдерде да улуттук тамак-аштын бир түрү катары илгертен белгилүү. Ал ачыган же жаңы жуурулган (сүт, жумуртка кошуп) камырдан жасалат, анын формасы ар кандай болот. Азыр Б. коомдук ашканаларда да даярдалат.

БОР (Borum), B — мезгилдик системанын III тобундагы хим. элемент, ат. н. 5, ат. м. 10,811. Туруктуу эки изотобу ^{10}B, ^{11}B бар. Таза түрүндөгү Б-ду 1808-ж. франц. химиктер Гей-Люссак ж-а Л. Тенар алышкан. Жер кыртышындагы Б-дун массасы $3 \cdot 10^{-4}$%. Б. жаратылышта бирикмелер түрүндө гана кездешет. Таза кристаллдык Б.— каралжын түстөгү зат; эрүү t 2075°C. Катуулугу б-ча алмаздан кийин 2-орунда, электрди начар өткөрөт, темп-ра жогорулаган сайын өткөргүчтүгү артат. Бирикмелерде үч валенттүү. Абада 700°C ге чейин ысытканда, күйүп B_2O_3 кө айланат. Галогендер м-н ысытууда $BГ_3$ типтүү бирикмелер алынат. Жог. темп-рада азот м-н бор нитридин, көмүртек м-н бор карбидин, металлдар м-н бориддерди пайда кылат. Кристаллдык Б. галогениддерди $BГ_3$ 1300°C де ысытып ажыратуудан же бораттарды электролиздөөдөн алынат. Б.— жарым өткөргүч. Б. түстүү куймаларды, болотту алууда, алардын сапатын жакшыртуу максатында аз санда кошулат. Ядролук техникада ж-а а. ч-да микро жер семирткичтер катарында колдонулат.

БОР — чөкмө тоо тек; *аки таш тегинин* бир түрү. Жаратылыштагы Б-дун 91—99% орг. калдыктардын көмүр кычкыл кальцийинен (кальциттен) турат. Кээ бир түрүндө алардан башка кварц, талаа шпаты сыяктуу минералдардын өтө майда бөлүкчөлөрү болот. Өңү ак, начар цементтелген, оңой жугат. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 1. Орг. ж-а хим. жолдор м-н бор мезгилинде пайда болгон аки таш тегинин арасында жолугат. Б. цемент, айнек өндүрүшүндө ж-а хим. ө. ж-да боёк, кагаз, резина, парфюмерия ж. б. даярдоодо колдонулат.

БОР ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕРИ — составында бор элементи бар бирикмелер. Ал өсүмдүктү азыктандыруу үчүн колдонулат. Б. ж. с. өсүмдүк тиричилигинде физиол. чоң роль ойнойт. Ал углеводдор м-н нуклеин к-таларынын синтезделишине жардам берип, өсүмдүктүн кургакчылыкка ж-а суукка байымдуулугун жогорулатат. Б. ж. с. кант кызылчасы, кендир, брюква ж-а турнепсти түрдүү илдеттен сактап, алардын түшүмдүүлүгүн арттырат. Алар жетишсиз болсо, тамеки, күн карама ж-а мөмө-жемиш өсүмдүгү солуп, түшүмү азаят. 1 *кг* топурактын составында 1,5—55 *мг* бор бар. Дыйканчылыкта магний бораты, бор магний жер семирткичтери, бор суперфосфаты, бура, бор к-тасы пайдаланылат.

БОР КАРБИДИ, B_4C (туурасы $B_{12}C_3$) — бордун көмүртек м-н бирикмелери, кара жалтырак кристаллдар, эрүү t 2360°C. Ал борду же бор ангидридин көмүр м-н 2000°C ге чейин ысытуудан алынат. Б. к. жылмалоочу ж-а абразивдүү материалдар катарында ж-а ядро техникасында колдонулат.

БОР КИСЛОТАСЫ, орто бор кислотасы, H_3BO_3 — үч негиздүү күчсүз кислота, кабыкча түрүндөгү түссүз кристаллдар. Сууда эрийт, ысытканда, суусу жоголуп метабор к-тасына HBO_2, андан ары бор ангидридине B_2O_3 айланат. Б. к-нын туздары бороттар деп аталат. Концентрацияланган H_2SO_4-түн катышуусунда Б. к. спирттер м-н эфир пайда кылат. Таза Б. к. жаратылышта ысык булактарда ж-а минералдык сууларда кездешет. Негизинен бораттарга H_2SO_4 таасир кылуу м-н алынат. Б. к. а. ч-да, ө. ж-да эмаль, глазурь, түстүү айнектерди, кагаз өндүрүүдө, лабораторияда буфердик эритме даярдоодо, антисептик зат катары медицинада колдонулат.



Н. Бор.

БОР Нильс Хенрик Давид (7. 10. 1885—18. 11. 1962) — дания физиги. Атомдун биринчи квант теориясын түзгөн ж-а кванттык механиканын негизин иштеп чыгууга катышкан. Б. атом ядросунун ж-а ядролук реакция теориясынын өсүшүнө чоң салым киргизген. 1908-ж. Копенгагендеги ун-тти бүтүп, бул жерде өзүнүн биринчи ил. иши — суюктуктун термелүүсүн ж-а металлдын классикалык электрон теориясын изилдөөнү жүргүзгөн. 1916-ж. Копенгагенде теориялык физ. кафедрасынын башчысы, 1920-жылдан өмүрүнүн аягына чейин ошол шаарда өзү уюштурган Теориялык физ. ин-тунун жетекчиси болгон. Фашизмге Каршылык көрсөтүү уюму 1943-ж. Б-ду Даниядан Швецияга, андан АКШга жөнөткөн. Б. анда атом бомбасын даярдоого катышкан. Согуштан кийин Данияга келип, атом куралынын колдонулушуна каршы күрөшкө кошулган.

Б. 1913-ж. атом теориясын иштеп чыгып, классикалык электродинамиканын закондору м-н түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон атомдун планеталык структурасын түшүндүрүү аракетинде өзүнүн постулаттарын түзгөн. Ядролук реакциянын болуп өтүү мүнөзүн аныктап, 1939-ж. Дж. А. Уилер м-н бирдикте ядронун бөлүнүү теориясын өркүндөткөн. Б. физиктердин чоң мектебин түзүп, бүт дүйнөдөгү физиктердин байланышын өнүктүргөн. СССРге бир нече жолу келген. Б. чет өлкөлөрдүн ил. коомдорунун ж-а СССР ИАнын чет өлкөлүк мүчөсү (1929). Нобель сыйл. лауреаты (1922).

Чыг.: Прохождение атомных частиц через вещество, М., 1950; Атомная физика и человеческое познание, М., 1962.

Ад.: Нильс Бор. Жизнь и творчество, пер. с дат., М., 1967; Мур Р., Нильс Бор — человек и ученый, пер. с англ., М., 1969.

БОР МЕЗГИЛИ (системасы) — мезозой заманының акыркы мезгили; юра мезгилинен кийин палеогендин мурда пайда болгон тоо тектердин геол. системасы. 1822-ж. француз геологу Ж. Омалиус д'Аллуа өз алдынча системага болуп, ошол мезгилде көп пайда болгон (Европада) тоо тек — бордун (кадимки тактага жаатын жүргөн бордун) аты м-н атаган. Б. м. мындан 110 млн. жыл мурда башталып, 60—70 млн. жылга созулган. Ал **алгачкы ж-а кийинки** бор болуп эки доордон, ал эми тоо тек катмары **астыңкы ж-а үстүңкү** болуп эки болүмдөн турат (к. таблица). Алгачкы бордо бардык платформалар жогору көтөрүлүп, ар кайсы жерде анча калың эмес кум-чополуу чөкмө тоо тектери, бордун аягында кургактыктар басырылып, деңиз суусу материкти каптап, бор, мергель ж-а акиташ тектеринин калың катмарлары пайда болгон. Көө бир жерде кызыл түстүү чөкмөлөр, туз чөкмөлөрү ж-а көмүр катмарлары топтолгон. Б. м-нин башталышындагы өсүмдүктөр (саговниктер, беннетиттер, ийне жалбыракчуулар ж. б.) юра мезгилиндегиден анчалык айырмаланбайт. Б. м-нин аягында магнолия, лавр, жүзүм ж. б-дын азыркы кезде жок түрлөрү өскөн. Жаныбарлардан аммонит, белеминит, фораминифер ж. б-лар көп тараган. Сөөктүү балыктар, деңиз кескелдириктери (уз. 12 *м*), тиштүү куштар (ихтиорнис, гесперорнис) ж. б. жашаган. Мезгилдин аягында алгачкы сүт эмүүчүлөр пайда болгон. Б. м-нин тоо тектери м-н фосфорит, боксит, таш көмүр (Сибирь, Ы. Чыгыш), нефть (Бат. Каз-н), цемент ө. ж-на керек болуучу сырьёлор ж-а курулуш материалдары сыяктуу бир топ кен байлыктар байланыштуу.

Ад.: Леонов Г. П., Историческая геология, М., 1956; Чарыгин М. М., Васильев М. М., Общая и историческая геология, М., 1968.

Бор системасынын стратиграфиялык схемасы

Доор (болүм)	Кылым (прус)	
Кийинки (үстүнкү) бор — K_2	Даний	Неоком
	Маастрихт	
	Кампан	
	Сантон	
	Коньяк	
	Турон	
	Сеноман	
Алгачкы (астыңкы) бор — K_1	Альб	Сенон
	Апт	
	Баррем	
	Готерив	
	Валанжин	
	Берриас	

БОР НИТРИДИ, *BN* — бордун азот м-н бирикмеси. α-формасынын структурасы графит сыяктуу ак күкүм. Аны 1350°Сден жог. темп-рада ысытканда, кристаллдык түзүлүшү алмаз сыяктуу β-формага (боразонго) айланат. Жог. темп-рага туруктуу. Б. н. отко чыдамдуу материалдарды, жарым өткөргүчтөрдү, диэлектриктерди, абдан катуу абразивдүү материалдарды даярдоо үчүн колдонулат.



БОР ОРГАНИКАЛЫК БИРИКМЕЛЕР — бордун атому орг. радикал м-н байланышкан бирикмелер. Б. о. б-ге: $RB(OH)_2$, $R_2B(OH)$, RBH_2, R_2BH, R_3B, бор орг. к-талар ж-а бор к-тасынын түрдүү эфирлери $B(OR)_3$ ж. б. кирет. Алар бор галогениддерин ж-а бор к-таларынын эфирлерин Mg, Li орг. бирикмелер м-н реакцияга киргизүүдөн алынат. Б. о. б. реактивдик кыймылдаткычтар үчүн жог. калориялуу күйүүчү затты алуунун сырьёсу болгон бор суутектерин алуу үчүн, полимерлөө реакциясына катализатор катарында, аналит. химияда колдонулат.

БОР ПОСТУЛАТЫ — атомдун туруктуулугун түшүндүрүү үчүн даниялык физик Н. *Бор* (1913) киргизген негизги ил. постулат. *Классикалык физика* түшүндүрө албаган атомдун касиеттерин мүнөздөө үчүн Бор эки постулатты квант теориясынын негизи катарында алган: 1. Атомдун **стационардык абалда болушу.** Энергиясы $E_1, E_2, E_3, \ldots$ дискреттик (үзгүлтүктүү) катар сан маанилерине дал келген стационардык абалдарда атом туруктуу болуп, нур чыгарбайт. Атом энергиясынын ар кандай өзгөрүшү аның кандайдыр бир стационардык абалдан башка стационардык абалга кванттык өтүшүнө байланыштуу. 2. Атом **нурлануусунун жыштык шарты.** Атом E_1 энергиялуу стационардык абалдан $E_к$ энергиялуу башка стационардык абалга өткөндө $h\nu = E_1 - E_к$ формуланын негизинде белгилүү жыштыктагы жарыкты $h\nu$ чондуктагы кванттык нурлануу (фотонду) жутат же чыгарат. Атом квант энергиясын болуп чыгарганда энергиясы көп E_1 абалдан аз энергиялуу $E_к$ абалга өтөт. Квант энергиясын жутканда, тескерисинче аз энергиялуу $E_к$ абалдан көп энергиялуу E_1 абалга өтөт. Атомдун квант теориясынын негизги шарттары болгон Бор постулаттары экспериментте толук далилденди. Атом физикасынын өсүшү Б. п. жалаң эле атом эмес башка микроскопиялык системалар — молекула ж-а атом ядролору үчүн да туура экенин көрсөттү. Азыркы мезгилде Б. п. кабыл алынган квант закону болуп эсептелет.

БОР РАДИУСУ — Н. *Бордун* атом теориясына ылайык аныкталган суутек атомунун электрондук биринчи орбитасынын радиусу. Б. р. a_0 дөсөк, $a_0 = (5{,}29167 + 0{,}00007) \cdot 10^{-9}$ *см* = $= 0{,}529$ Å. Универсалдык туракту-улук аркылуу $a_0 = h^2/me^2$ түрүндө туюнтулат, h — *Планк туракттуулугу* болгон 2π ге, m — масса, e — электрондун заряды. Б. р. квант механикасында суутектин дүүлүкпөгөн атомундагы электронду жог. ыктымалдык м-н байкоого мүмкүн болгон электроно чейинки аралык катарында аныкталат, к. *Атом.*

БОР СУУТЕКТЕРИ, бор гидриддери, борандар — бордун суутек м-н болгон бирикмелери. Б. с-нин (B_2H_6, B_4H_{10}) газ, (B_5H_9) суюк, ($B_{10}H_{14}$) катуу түрлөрү бар. Алар—түссүз, жыты жагымсыз уу заттар. Б. с. хлордуу же фтордуу борго металлдардын бориддерин же суутекти таасир эттүдөн алынат. Алар ракеталык отун катары борду алууда ж-а металлдарды бор м-н каптоодо колдонулат.

БОРАТТАР — бор к-тасынын туздары. Жегич металлдардын Б. суюда жакшы эрийт. Алар бор к-тасына жегичтерди таасир эттүдөн алынат: $2NaOH + 4H_3BO_3 = Na_2B_4O_7 + 7H_2O$. Б. айнек жасоодо, сууну жумшартуу үчүн ж-а лабораторияда буфердик система даярдоодо колдонулат.

БОРАЦИТ — бораттар тобундагы минерал. Хим. формуласы $Mg_3[B_7O_{13}]$. *Куб* ж-а *ромб системасында* кристалланат. Түссүз, айнектей, кээде алмаз сымал жалтырак. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 7—7,5. Салыштыр. салм. 2,97. Ал ангидрит ж-а таш туздарынын кендеринде кезигет. Б. бор рудасы катары колдонулат.

БОРБАШ — Ош обл-ныи Ноокат р-нундагы Бел сельсоветине караштуу кыштак. «Бел-Өрүк» к-зунун аймагында. Эски-Ноокат—Кызыл-Кыя шоссе жолунун боюнда, р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 12 *км* бат. тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 43 *км*. Калкы 2281 (1974). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БОРБАШ — Ош обл-ныи Ноокат р-нундагы Кызыл Окт. сельсоветине караштуу кыштак. «Кок-Жер» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 25 *км* бат. тарапта, Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 30 *км*. Калкы 1700 (1970). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана бар.

БОРБАШТАР (Laniidae) — канаттуулардын таранчы сымалдар түркүмүнүн тукуму. Тумшугунун үстүңкү учу куштардыкындай төмөн карай ийилип, быдырлуу келип, куйрук чалгындары узун. Уясын көбүнчө бадалдарга ж-а даракка салып, 4—6 чаар жумуртка тууйт. Б-дын дайыма бир жерде жашоочу ж-а келгин түрлөрү бар. Жер шарына 72 түрү таралган (Түш. Америкада жок). Жашаган жерлерине карай алардын түсү ар кандай: тропиктеги Б. кызыл, жашыл, сары; мелүүн алкактарда кара, күрөң. СССРдеги 9 түрүнүн төртөө Кырг-нда жашайт. Б. токой ж-а а. ч. зыянкечтерин кырып, пайда келтирет.

БОРБОР, геом. фигуралардын симметрия борбору — берилген фигурадагы A чекити м-н кошо A' чекити да жаткан түз сызыктагы OA аралыгы O чекитинин 2-жагындагы аралыкка барабар, б. а. $OA = OA'$ болгондогу O чекити. Симметрия Б-па ээ болгон ийри сызык же бет Б-дук ийри сызык же бет деп аталат, к. *Симметрия.*

БОРБОРГО УМТУЛУУЧУ КҮЧ — ийри траектория б-ча кыймылда болгон персеге аракет этүүчү борборго багытталган күч. Мис., Б. у. к. жипке байлап айландыруучу ташка, т. ж-дун ийри участогунда вагондун дөңгөлөгүнө аракет этет, к. *Борбордон четтөөчү күч.*

БОРБОРГО УМТУЛУУЧУ ЫЛДАМДАНУУ — ийри сызыктуу (айлана) кыймылда радиус б-ча айлануу борборуна карай багытталган ылдамдануу, к. *Ылдамдануу.*

БОРБОРДОН ЧЕТТӨӨЧҮ КҮЧ — ийри сызыктуу кыймылдагы персенин массасына, ылдамдыгына ж-а траекториянын ийрилигине көз каранды күч. Аның чондугу $F = \frac{mv^2}{R}$ формуласы м-н аныкталат; m — персенин массасы, v — ылдамдыгы, R — траекториянын ийрилик радиусу. Б. ч. к. ийри сызыктын ийрилик борборунан траекториянын нормалары б-ча сыртка карай, б. а. кыймылдагы персени ийри траекториядагы абалынан чыгарып жиберүүгө аракет кылат. Б. ч. к-түн ж-а *борборго умтулуучу күчтүн* (Б. у. к.) сандык чондуктары бирдей ж-а бир түз сызыкта жатат да, багыттары карама-каршы болот. Мис., жипке байланган ташты айландырганда, ташты айлана б-ча кыймылдоого мажбур кылган жиптин ташка жасаган аракети — Б. у. к., ал эми таштын жипке жасаган аракети — Б. ч. к.

БОРБОРДОН ЧЕТТӨӨЧҮ ЫЛДАМДАНУУ, к. *Ылдамдануу.*

БОРБОРДОШТУРУЛГАН ОРУС МАМЛЕКЕТИ — 15-к-дын аягында ж-а 16-к-дын башында бүт орус жери Москва бийлигине баш көшкөндө курал-кан көп улуттуу феод. мамлекет. 14—15-к-да орус жеринин экон. өнүгүү ж-а сыртқы кол салуулардан коргонуу зарылдыгы борбордошкон мамлекеттин келип чыгышына түртүк берген. Татар-монгол эзүүсүнөн кутулган соң орус жеринде экономика жогорулайт, айдоо аянты кеңеет, жер иштөөнүн ыктары жакшырат, жаңы эмгек куралдары урунула баштайт. Шаар-кыштактарда кол өнөрчүлүгү калыбына келет. Эмгектин коомдук бөлүнүшү ж-а товар өндүрүшүнүн өсүшү орус элинин өз ара катнашын күчөтүп, бир мамлекетке биригишин шарттайт. Татар-монгол эзүүсү, Польша, Литва, Швециялардын агрессиячыл саясаты орустардын экономика м-н мад-тынын өнүгүшүнө тоскоол кылат. Бат. Европа өлкөлөрүнөн бир айырмасы: Б. о. м. көп элден турган мамлекет эле. 14—15-к-да Россияда феод. менчиктин жаңы формасы — дворяндар (помещиктер) жер ээликтери, эзүүчү таптын социалдык жаңы тобу — дворяндар пайда болуп, алар борбордошкон күчтүү бийликке умтулушкан. Бирдиктүү мамлекеттин түзүлүшү шаар соодагерлери м-н кол өнөрчүлөрдүн мүдөөсүнө да төп кел-

геп. Түн.-чыгыштагы Русь экон. ж-а саясий борбор катары тез өнүгөт да, орус (Великорус) элинин калыптанышына шарт түзөт. Бул мамлекеттин уюткусу орус эли болгон. *Куликовдогу салгылашуудан* (1380) кийин орус жерин бириктирүүчү борбор катары Москванын мааниси күчөйт. 15-к-дын аягында Б. о. м-не Новгород (1478), Тверь (1485), Ока, Десна, Сож д-ларынын боюндагы жерлер (1500—03), Псков жери (1510), Смоленск (1514). Рязань (1521), карел, коми, мордва элдери кошулган. 15-к-дын 80-жылдары бийликтин борборлошкон жаңы системасы түзүлгөн. Мамл. аппараттын борб. органы — Боярдык Дума пайда болгон. Б. о. м. негизинен феод. таптын мүдөөсүн көздөп, феод.-крепостной түзүлүштү чыңдаган, Б. о. м-нин түзүлүшү Россиянын тарыхында прогрессчил роль ойнон, өлкөнүн экон. ж-а маданий жактан күч алышына негиз болуп берген.

Аб.: Черепнин Л. В., К вопросу о роли городов в процессе образования Рус. централизованного гос-ва, в кн.: Города феод. России, Сб. ст. М, 1966.

БОРБОРДУК АЗИЯ Кытай м-н МЭР (МНР) дин көп жерлерин өзөлөп жатат. Түн. ж-а бат. жагы СССР м-н Кытайдын ж-а Монголиянын мамл. чек араларына туура келет. Түштүгү Инд-Ганг, чыгышы Чоң Хинган (түш. бөлүгү), Тайханшань ж-а Син-Тибет кырка тоолору м-н чектешет. Аянты 6 млн. *км*². Геоморфол. жактан 3 алкакка бөлүнөт: 1) Тянь-Шань, Монгол, Алтай, Хангай ж-а Хэнтэй тоо системаларын кучагына алган түн. тоолуу алкак; 2) анчалык бийик эмес Гоби, Тарим ж-а Такла-Макан ойдундарын кучагына алган ортоңку чөлдүү алкак; 3) Тибет тайпак тоосун, Куньлунь, Каракорум, Гандисышань, Син-Тибет кырка тоолорунан турган бийик тоолуу Борб. Азия алкагы. Климаты кескин континенттик, январдын орт. темп-расы —10°С, —25°С, июлдуку 20—25°С, Тибетте 10°С. Терр-янын 3/4 бөлүгүндө жылдык жаан-чачын 100—200 *мм*. Ири дарыялары: Хуанхэ, Янцзы, Меконг, Салуин, Брахмапутра, Инд, Иртыш, Селенга, Амур. Ички суулары: Тарим, Эдзин-Гол, Урунгу ж. б. Ири көлдөрү: Кукунор, Хара-Ус-Нур, Баграшкөл, Хубсугул ж. б. Башкы мөңгүлөрү: Спечен, Түн. Эңилчек, Потанин мөңгүсү ж. б. Топурагы түндүгүндө — кара коңур, ортоңку тилкесинде — бозомтук күрөң, чөлдүү, ал эми Тибет тайпак тоосунда бийик тоо ж-а муздак чөл кыртыштары шор топуraктуу; шагыл таштуу жерлер, такырлар да кездешет. Б. А. өсүмдүктөрү чөлдүү ж-а жарым чөлдүү, түндүгүндө талаа өсүмдүктөрү басымдуу, тоолоруна тоолуу-тайга зонасы мүнөздүү. Жаныбарлар дүйнөсү сейрек.

БОРБОРДОШТУРУЛГАН ЭСЕПТӨӨ СИСТЕМАСЫ, к. *Эсептөө борбору.*

БОРБОРДУК АМЕРИКА — Мексика тайпак тоосунун этегиндеги Бальсас ойдунунан Дарен мойногуна чейинки Түн. Америкanын түш. бөлүгү. Түш.-чыгышынан Тынч океан ж-а түн.-чыгышынан Мексика булуңу м-н Кариб деңизинин ортосундагы туурасы 48 *км* ден 960 *км* ге чейинки ичке тилке. Терр-ясында *Мексиканын* түш.-чыгышы, *Гватемала, Сальвадор, Гондурас, Никарагуа, Коста-Рика, Панама* мамлтери ж-а англ. колония *Белиз* жайгашкан. Б. А-ның көпчүлүк бөлүгүн Кордильер системасына кируучу орто бийиктиктеги тоолор ээлейт. Б. А. түн тропиктик (Никарагуа ойдунуна чейин) ж-а түн. субэкватордук климаттык алкактарда жатат. Б. А-ның түн.-чыг. капталдарында атлантикалык пассаттардын таасиринен жыл бою жаан-чачын көп болот (түндүгүндө 1500—2000 *мм*, түштүгүндө 3000—4000 *мм* ге чейин). Кургактык көп тилмеленгендиктен, Б. А. д-лары кыска келет, бирок гидроэнергет. запаска бай. Ири көлдөрү: Никарагуа, Манугуа. Климаттык шартына байланыштуу Б. А-ның топурагы ж-а өсүмдүктөрү ар түрдүү. Түн.-чыгышындагы түздүгү ж-а тоонун капталдарында 800 *м* бийиктикке чейин нымдуу тропик токойлору ж-а күл топуракта баалуу пальма жыгачтары өсөт; бул алкакта банан плантациялары ж. б. тропиктик өсүмдүктөр бар. 1700 *м* бийиктикте жыгач өңдүү папоротниктер басымдуу; 3200 *м* ге чейинки алкакта жалбыректары дайыма көгөрүп туруучу аралаш токойлор (эмен, магнолия ж. б.) ж-а ийне жалбыректуулар, андан жогору альпы шалбаалары, Тынч океан жак беттеринде көбүнчө ныхталуу кызыл карагай ж-а карагайлар өсөт. Айбанаттары: жалпак мурун маймыл, ягуар, кескелдирик ж. б.

БОРБОРДУК АТКАРУУ КОМИТЕТИ (БАК) — СССР Конституциясы (1936) б-ча Советтердин съезддеринин аралыгында СССРдеги мамл. бийликтин жог. органы. БАК тең укуктуу эки палатадан: Союздар Советинен ж-а Улуттар Советинен турган. СССР БАК сессиялар аралыгында бийлик жүргүзүүчү жог. органды—СССР БАКтын Президиумун уюштурган. СССР БАК кодекстерди, декреттерди, токтомдорду ж-а буйруктарды чыгаруу м-н БАКтын Президиумунун ж-а СССР ЭКСтин иш-аракеттеринин чөйрөсүн аныктаган. БАК респ-канын өкмөтүнүн ж-а бардык бийлик органдарынын ишине жалпы багыт берген. СССР БАК союздук респ-калардын Советтеринин съезддеринин ж-а БАКтын декреттерин, токтомдорун, буйруктарын токтото же жокко чыгара алган. 1936-ж. СССР Конституциясы кабыл алынып, СССР Жогорку Советинин 1-шайланышына чейин (1937) иштеди.

БОРБОРДУК АФРИКА, Экватордук Африка — 7°, 8° түн. ж-а 12°, 13° түш. кеңдиктердин ортосундагы табигый аймак. Түндүгүнөн Жог. Гвинея ж-а Судан, чыгышынан Чыг. Африка, түштүгүнөн Түш. Африка м-н чектешет. Климаты нымдуу экватордук. Атлантика океанынын жээктеринин климаты тропиктик, жылдык жаан-чачын экватор зонасында 1500—2000 *мм*, Гвинея булуңунун жээктеринде 3000 *мм*, Камерун тоосунун шамалдуу беттеринде 10000 *мм* ден жогору (Африканын эң нымдуу жери). Жаандын көптүгүнө байланыштуу суусу мол дарыялар арбын. Көчүчүлүк болгуу Конго д-нын алабына кирет. Б. а. д-лары гидроэнергет. запастарга бай. Геологиясын, топурагын, өсүмдүктөрүн, жаныбарларын, к. *Африка* макаласынан.

БОРБОРДУК АФРИКА РЕСПУБЛИКАСЫ (БАР) — Борб. Африкадагы мамлекет. 1958-жылга чейин Франциянын колониясы. Убанги-Шари деп аталчу Франц. Экватордук Африканын составына кирген. 1960-ж. 13-декабрдан бери көз каранды эмес респ-ка. Франциялык уюмдун мүчөсү. Аянты 617 миң *км*². Калкы 2255 миң (1971). Борбору — Банги ш. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы — президент. 1966-ж. аскердик төңкөрүштөн кийин, 1964-жылкы конституциясы жоюлуп, Улуттук ассамблея таратылган.



Борбордук Африка Республикасы. Иш таштоого катышуучулар.



Табияты. БАР Конго м-н Шари д-ларынын бассейнинде, негизинен саванна ж-а сейрек токойлуу субэкватордук алкакта. Өлкөнүн көп бөлүгүн Азанде деңсоосу (бийикт. 600—900 *м*) ээлейт. Климаты экватордук-муссондук, ысык; жайы нымдуу. Банги ш-да эң ысык айдын орт. темп-расы 31°С, эң суук айдыкы 21°С. Жылдык жаан-чачыны 1000—1200 *мм*. Ири дарыялары: Убанги, Мамбере, Грибинги ж-а Баминги. Аймагынын көбүн узун чөптүү саванна, четки түштүгүн экватордук калың токой ээлейт. Жери кызыл топуraктуу. БАРды пил, носорог, буйвол, антилопа, жираф сыяктуу жаныбарлар, ар-

стан, леопард, чөө өңдүү жырткычтар мекендейт. Маймылдар көп. Суу-ларында гиппопотам ж-а крокодилдер бар.

Калкынын көбү — убанги. Андан башка банда, гбайя, азанде, банту, бакоре ж. б. уруулар бар. 35 миңден ашык чет элдик жашайт. Анын 6 миңи европалык. Офиц. тили — француз тили. Ири шаарлары: Банги, Бвар, Бамбари ж. б.

Эл чарбасы. БАР — артта калган агрардык өлкө. Экономикасы негизинен француздук капиталга көз каранды. Респ-канын четке чыгарган товарынын $^3/_4$ бөлүгүн а. ч. берет. Элдин 90% а. чарбада, калганы өнөр жайда, соода ж-а транспортто иштейт. 62 млн. *га* жери бар, анын 5,8 млн. *га* сы гана иштетилет. Пахта, маниок, таруу, ак жүгөрү (сорго), шалы, жүгөрү, арахис ж. б. өстүрүлөт. Көбүнчө пахта экспорттолот. 1969—70-ж. өлкөдө 470 миң уй, 64 миң кой, 520 миң эчки, 12 миң чочко болгон. 1970-ж. 350 миң $м^3$ жыгач даярдалган. 1971-ж. 468,1 миң карат алмаз казылып алынды. Ал негизинен экспортко кетет. 1970-ж. 46 млн. *квт·с* электр энергиясы өндүрүлдү. Өн. ж., а. ч. сырьесун иштеп чыгара турган кичирээк ишканалары бар. БАРда пахта тазалоочу завод, өсүмдүк майын өндүрүүчү сыяктуу жеңил ө. ж. ишканалары бар. Автомоб. жолунун уз. 20 миң *км*, нефть чет өлкөлөрдөн сатып алынат.

Эл агартуу. Калкынын 80% сабатсыз. Баштооч мектеби (6—14 жаштагы балдар окуйт) 6, орто мектеби 7 жылдык. Окуу француз тилинде. 1969—70-окуу жылында баштооч мектептерде 170 миңден ашуун, орто мектептерде 7,2 миң окуучу окуган. Ун-ти Банги ш-нда (1970-жылдан). Этногр. музейи, 2 а. ч. коллежи бар.

Аб.: Черников Г. П., Страны Экваториальной Африки, М., 1962; Николаева Н. В., Лагутина Е. И., Новые государства на политической карте Африки, Л., 1963.

БОРБОРДУК АЭРОКЛУБ В. П. Чкалов атындагы — абада учуу өнөрүн өздөштүрүү, авиаспорт мелдештери учурунда контролдук жасоо ж-а эл аралык, бүткүл союздук рекорддорду каттоо максатында СССРде уюштурулган мекеме. 1935-ж. негизделген, ошондон бери Эл аралык авиация федерациясына мүчө. Б. а. сов. жаштар арасында авиац. ж-а абада учуу билимдерин жайылтуу, конструкторлук иште өөрчүтүү, учкуч кадрларын алгачкы даярдыктан өткөрүү б-ча Сов. Союзундагы аэроклубдарга үлгү көрсөтүп келе жатат.

БОРБОРДУК БУРЧ — чокусу айлананын борборундагы бурч. Б. б. өзү таянган айлананын жаасынын узундугу м-н ченелет. Жаанын узундугунда канча градус болсо, Б. б. ошончо градуска барабар. Жаанын узундугу радиустун узундугуна барабар болгон Б. б. радиан деп аталат.

БОРБОРДУК ДОГОВОР УЮМУ, СЕНТО (англ. The Central Treaty Organitation, CENTO) — агрессиячыл согуштук-саясий блок. 1955-ж. түзүлгөн, составынан Ирак чыкканча (1959) «Багдад пактысы» аталган. СЕНТОго Улуу Британия, Иран, Пакистан, Турция кирет. АКШ ага офиц. мүчө болбосо да, анын комитетинде өзгөчө укукка ээ. Жог. органы — СЕНТОнун Мин. Совети (штаб-квартирасы — Анкара ш-нда). Уюмдун жог. командованиеси ж-а бирдиктүү аскер күчү жок. 60-жылдары блоктун ишинин кедери кетти; Индия-Пакистан жаңжалынан кийин Пакистан блоктун ишине байкоочу катары катыша баштады; Иран, Турция, Пакистан үчөөнүн экон. жактан кызматташтыкты кеңейтүүгө аракети ийгиликтүү натыйжа берген жок. 1973-ж. июнда СЕНТОнун Мин. Советинин 20-сессиясы болуп, анда блоктун ишин саясий-согуштук багытта жандантуу аракети жасалды. Бирок эл аралык абалды жеңилдетүү кырдаалында СЕНТОнун позициясы улам бошоңдон баратат.

БОРБОРДУК ИНДИ КЫРКА ТООСУ — Инди океанындагы суу астындагы кырка тоо. Родригес а-нан Амстердам а-на чейин созулат. Түндүгүнөн Араб — Инди кырка тоосуна, түштүгүнөн Австралия — Антарктика тромокчосуна өтөт. Уз. 4 миң *км* ге жакын. Тоо кырынан суунун үстүнө чейинки тайыз жери 2395 *м*. Б. И. к. т. дүйн. океандын ортоңку кырка тоо тибине кирет.

БОРБОРДУК КАРА ТОПУРАК ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОНУ — СССРдин Борб. Европа бөлүгүндө жайгашкан ири экон. район. Белгород, Воронеж, Курск, Липецк ж-а Тамбов обл-тары кирет. Аянты 167,7 миң *км*². Калкы 8 млн-дон ашык (1970). Элдин 40% шаарда турат. Райондун аймагы көбүнчө түз. Климаты мелүүн континенттик. Жылдык орточо темп-ра январда —8,5— (—11,5°), июлда 20°— 18°С ге чейин. Жылдык жаан-чачын 350—575 *мм*. Ири дарыялары: Дон ж-а анын куймалары (Сосена, Воронеж, Хопр, Битюг ж. б.). Кеме жүрүүчү дарыялары: Дон, Сейм, Цхна. Темир кенине (Курск магнит аномалиясы) бай. Калкынын көбү — орус. Орт. жышт. 1 *км*² жерге 47,6 киши. Оор ө. ж. (тоо-кен ж-а металлургия) райондун эл чарбасынын дүң продукциясынын көбүн берет. Райондо Михайловский, Лебединский тоо-кен комбинаттары, эң ири Липецк металлургиялык а-ду иштейт. Трактор жасоо, хим., уста-пресс жабдыктары ж-а тамак-аш ө. ж-лары союздук маанияге ээ. Ири ө. ж. борборлору: Воронеж, Курск, Липецк, Тамбов, Белгород ж. б. Райондун үлүшүнө өгиндин жалпы союздук өндүрүшүнүн 6%, күн карамандын 9%, канча кызылчасынын 16% туура келет. А. ч-нын алдыңкы тармагы — мал чарбачылыгы. 1970-ж. мал чарбасынын үлүшү райондун товардык продукциясынын 53%ин түзгөн. Т. ж-нун уз. 4,4 миң *км*. Шоссе жолу 49 миң *км*.

«БОРБОРДУК КОМИТЕТТИН КОММУНИСТТЕР СОЮЗУНА КАРАТА ҮНДӨӨСҮ» — К. Маркс м-н Ф. Энгельстин пролетариаттын рев-ядагы теориясы ж-а тактикасы ж-дөгү чыгсы; 1850-ж. март айында жазылып, Германиядагы коммунисттер союзунун ж-а анын эмиграцияда жүргөн мүчөлөрүнүн арасына жашырын таратылган. «Үндөөдө» К. Маркс м-н Ф. Энгельстин «Коммунисттик партиянын манифестинде» ж-а бир катар башка чыг-ларында баяндалган тактикалык жоболор өнүктүрүлгөн. Анда 1848—49-ж. герм. рев-ядагы ар түрдүү таптар м-н партиялардын иш-аракеттерине мүнөздөмө берилип, либералдык буржуазиянын өзүнүн союздашы — жумушчу табына чыккынчылыгы ашкереленген. Марксизмдин классиктери «жумушчу партиясынын жашырын ж-а ачык өз алдынча уюмун түзүүнүн» (Маркс К. ж-а Энгельс Ф., Танд., чыг., 1-т., 96-б.) зарылдыгын көрсөтүшүп, майда бурж. демократтарга карата пролет. партиянын позициясын аныкташкан. «Үндөөдө» өнүктүрүлгөн маанилүү жобо — рев-янын үздүксүздүгү ж-дөгү идея. Рев-янын үздүксүздүгү жеке менчикти, таптарды жоюп, жаңы коомду түзүүгө алып келүүгө тийиш эле. В. И. Ленин бурж.-демокр. рев-яны соц. рев-яга өстүрүү ж-дөгү идеяны иштеп чыгууда Маркс м-н Энгельстин бул жобосун түздөн-түз жетекчиликке алып, тарыхый башка шарттарда, империализмдин доорунда соц. рев-янын жаңы теориясын — соц. рев-янын адегенде бир нече же ал түгүл айрым алынган бир өлкөдө жеңип чыгышынын мүмкүндүгү ж-дөгү теориясын иштеп чыккан.

БОРБОРДУК КЫРГЫЗСТАН, Ички Тянь-Шань — Кырг-ндын борб. бөлүгүндөгү Нарын обл-ын бүт бойдон кучагына алган экон. район. Чыгышынан Ысык-Көл обл., түндүгүнөн Түн. Кырг-н экон. р-ну, батышынан Ош обл., түштүгүнөн КЭР м-н чектешет. Жалпы аянты 50,4 миң *км*². Калкы 203 миң (1973). Б. К-да 6 админ. район, 1 шаар, 2 ш. т. посёлок, 41 колхоз, 7 совхоз, 3 МЖС бар. Б. К-дын жери негизинен бийик тоолуу. Ар түрдүү кендерге бай. Кара-Кече, Кайбакта таш көмүр, Жетим-Тоодо темир, Кочкордо алюминий алынуучу нефелиндүү сиенит, Кочкордо, Тогуз-Тородо туз кени бар. Б. К-дын калкынын көбү — кыргыз. Орус ж. б. улуттар да жашайт. Калкынын орт. жышт. 1 *км*² ге 4 киши. Шаар калкы 15% ти түзөт. Райондун экономикасында мал чарба үлүшүнө респкадагы койдун 23%, жылкынын 29%, үйдүн 8% туура келет. Топоз өстүрүү маанилүү орунда. Дыйканчылыгы көбүнчө мал чарбасына тоют даярдоого багытталган. Айдоо аянттарына беде, эспарцет, дан эгиндерден — арпа, буудай, сулу эгилет. Жумгал,

Нарын өрөөндөрүндө жашылча, жемиш бактары өстүрүлөт. Ө. ж.— райондогу жаңы өнүккөн тармак. Нарын, Миң-Куш, Дөрбөлжүн, Ат-Башы, Кочкор, Чаекте эт комбинаты, пиво чыгаруучу з-ду, оргтехника з-ду бар. Маанилүү автомоб. жолдору: Фрунзе — Торугарт, Нарын — Казарман, Фрунзе — Кочкор—Миң-Куш, Чаек — Суусамыр, шоссе жолдорунун жалпы уз. 4 миң *км* ден ашык. Фрунзе — Дөрбөлжүн аба жол катнашы бар. Жараттылышын, к. *Ички Тянь-Шань*.

БОРБОРДУК НЕРВ СИСТЕМАСЫ — омурткасыз ж-а омурткалуу жаныбарлардын (анын ичинде адамдын) нерв клеткаларынын (неврондордун) жыйындысынан турган *нерв системасынын* негизги бөлүгү. Б. н. с. айлана-чөйрө м-н организмди байланыштырууда, алардын аткарган кызматтарын өз ара айкаштырууда ж-а жөнгө салууда чоң роль ойнойт. Ал омурткасыз жаныбарларда нерв түйүндөрүнөн (ганглийлер), омурткалуу айбанаттар м-н адамдарда мээ ж-а жүлүндөн турат. Мээ түзүлүшү ж-а аткарган кызматы түрдүү болгон 5 бөлүктү (сүйрү, орто, аралык, кичине мээ ж-а чоң жарым шарлар) бириктирет. Б. н. с-нан омуртка аралык ж-а вегетативдик нерв түйүндөрү м-н кошо четки нерв системасын түзүүчү нерв клеткаларынын уруучуктары (баш сөөк-мээ ж-а жүлүнмээ нервдери) таралат. Рецепторлорду дүүлүктүргөндө нерв импульстары афференттик борборго умтулуучу нерв талдары аркылуу Б. н. с-на барат. Жаныбарлар тышкы дүйнө кубулуштарынын түздөн-түз сигналдарын гана (1-сигналдык система) кабыл алса, адамда сөз (2-сигналдык система) сигналдык касиетке ээ. Кабыл алынган сигналдар Б. н. с-да анализ ж-а синтезден өтөт. Б. н. с-дагы аткаруучу (эфференттик) бөлүктөр козголууну тийиштүү мүчөлөргө (булчуң, без, кан тамыр ж. б.) жеткирет. Натыйжада организмдин жалпы ишинин негизин түзүүчү рефлектордук акт *(рефлекстер)* жүзөгө ашырылат. Жеңекөй шартсыз рефлекстерге жалгыз жүлүн гана катышса, татаал шарттуу рефлекстерге мээнин жог. бөлүктөрү да катышат. Б. н. с-нын ишин *негизги нерв процесстерине* (козголуу ж-а тормоздоо) негизделген. Негизги нерв процесстери чектелген нейрондордун тобуна топтолуугa же нейрондордун арбын тобун алып жүрүп, аларды таратууга жөндөмдүү болот.

Ад.: Введенский Н. Е., Возбуждение, торможение и наркоз, Полное собр. соч., т. 4, Л., 1953; Ухтомский А. А., Очерки физиологии нервной системы, Собр. соч., 4, Л., 1954.

БОРБОРДУК НЕРВ СИСТЕМАСЫНА ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ДАРЫЛАР — борб. нерв системасына таасир этүүчү фармацевтикалык каражаттардын тобу. Булар организмге аз өлчөмдө берилсе, кубаттандыруучу таасир берип бүт денеин, андагы ар бир мүчөнү ритмдүү иштетет. Ошол эле каражат көп өлчөмдө берилсе, борб. нерв системасын катуу козгоп, шал кылганга чейин барат. Буларга хим. составы түрлүү заттар, алкалоиддер, туздар ж-а кээ бир синтет. препараттар (кофеин, анын туздары; стрихнин, анын препараты; фенамин, коразол, кордиамин, көмүр к-тасы) кирет. Бул заттар борб. нерв системасынын ар кандай абалда болушуна жараша колдонулат. Жалпы организм начарлаганда, узакка созулган катуу ооруларда кубаттандыруучу стрихнин препараттары берилет. Дем алуу борборун жөнгө салуу үчүн көмүр к-тасы же карбоген, кофеин, стрихнин, коразол, кордиамин колдонулат. Кофеин препараттары жүрөккан тамыр системасынын ишин начарлаганда да колдонулат.

БОРБОРДУК РАДИОКЛУБ, СССРдин ДОСААФынын борбордук радио клубу — СССР ДОСААФынын Борб. комитетинин окуу-спорттук уюму ж-а радио сүйүүчүлөрдүн массалык иштеринин борбору. 1946-ж. Москвада уюштурулган. Радиону сүйүүчүлөрдүн спорттук-массалык иштерине ж-а калкка радиотех. билимдерди пропагандалоодо жерг. радиоклубдарга жардам берет. Радиоклубдар союздук респ-калар м-н чоң шаарларда бар. Алар радиотех. билимди кеңири таратуу м-н, өлкөнүн коргонуусун чындоодо чоң роль ойнойт ж-а ал чарбасына радио адистерин даярдайт. Б. р-дун мүчөлүгүнө 18 жашка толгон радио сүйүүчүлөр спортунун мастерлери, 1-разрядчылары ж-а 1-категориядагы судьялар ДОСААФтын «Ардактуу радист» значогуна татыктуулар ж. б. кабыл алынат. 1946-ж. Фрунзе ш-да Кырг-н ДОСААФынын радиоклубу уюшулган. Фрунзе радиоклубунан СССР спортунун ондогон мастерлери ж-а миңдеген разрядчылары тарбияланган.

БОРБОРДУК ТЕЛЕ КӨРСӨТҮҮ — Бүткүл союздук теле көрсөтүүчү ири уюм. 1951-ж. Москвада мурдагы радио уктуруу ж-а теле көрсөтүүчү борбордун негизинде СССР Мин. Советинин теле көрсөтүү ж-а радио уктуруу б-ча мамл. комитеттин алдында уюштурулган. Анын карамагына программалар б-ча Башкы дирекция, 10 Башкы редакция, көркөм группалар, түрдүү цехтер, Останкино теле борбору кирет. 1965-жылдан тартып 5 программада иштейт. 1967-ж. 1-октябрдан түстүү берүүлөрдү уюштура баштады. «Молния-1» байланыш спутниги, «Орбита», «Восток» системасы аркылуу СССРдин четки түп. райондору, Сибирь, О. Азия, Ы. Чыгышта жашаган 30 млн-дон ашык адам Б. т. к-нүн программаларын көрүүгө мүмкүнчүлүк алды. Б. т. к. *Интервидение* ж-а *Евровидение* системалары м-н да байланышып, 60ка жакын чет өлкө м-н программаларын өз ара айырбаштап турат. Б. т. к-нүн суткалык көрсөтүү убактысы 50 сааттан ашык. Ы. Чыгыш, Чыг. Сибирь аймагы үчүн «Восток-1» «Б» программасы, О. Азия респ-калары, Каз-н ж-а Бат. Сибирь аймагы үчүн «Восток-1» «А» программасы иштейт. «Восток-1» «А» программасын 1971-жылдын март айынан бери Ташкен теле студиясы күнүнө 12 сааттык мөөнөт м-н алып көрсөтөт.

БОРБОРДУК ТҮЗДҮКТӨР Түп. Америкадагы Лаврентий деңсөөсүнөн түндүктөн түштүктү карай Мексика булуңунун боюндагы ойдуңдарга чейин, чыгышынан батышка Аппалачи тоолорунан Улуу түздүктөргө чейин созулуп жатат. Миссисипи д-нын алабынын чыг. бөлүгүн ээлейт. Түздүк узак эрозияны, түп. болгуу муз каптоонун натыйжасында пайда болгон. Жериинин көбү деңсөөлүү, деңиз деңг. 200—500 *м* бийиктикте, түп. болгүндө 700—800 *м* ге жеткен тоолор (Уошито, Бостон) кездешет. Климаты мелүүн континенттик, июлдун орт. темп-расы 19°—26°С, январдыкы түндүгүндө — 20°Сден түштүгүндө 4°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 600—1200 *мм*. Чыгышына жазы жалбырактуу токойлор, бат. бөлүгүнө токойлуу талаа ландшафттары мүнөздүү. Б. т.— Америкадагы калк жыш жайгашкан район.

БОРБОРДУК ТЯНЬ-ШАНЬ — Кырг-ндын чыгышындагы табигый область. Түндүгүнөн Тескей Ала-Тоосу, чыгышынан Меридиан, түштүгүнөн Накшаал кырка тоолору, батышынан Нарын ж-а Сары-Жаз д-ларынын суу бөлгүчү м-н чектешет. Аянты 12,9 миң *км*². Респ-кадагы бийик тоолуу аймак, аның эң жаныз жери (Сары-Жаз д-нын чаты) деңиз деңг. 2000 *м* ге жакын бийиктикте, орт. бийикт. 3500 *м*. Эң бийик чокулары: Жеңиш (7439 *м*), Кан-Теңир (6995 *м*). Область кеңдик багытындагы бир не-

че тоо кыркасынан ж-а аларды бөлүп туруучу кууш өрөөндөрдөн турат. Кырка тоолор палеозой заманында пайда болгон чөкмө, интрузия ж-а метаморфизмделген тоо тектеринен түзүлгөн. Өрөөндөрдүн баш жактарын при моңгүлөр ээлеп жатат, чет жакаларында мореналар көп. Моңгүлөрдүн жалпы аянты 1500 *км*², эң ирилери: Түш. ж-а Түн. Эңилчек, Кайыңды, Семёнов атн. Бул областтын климаты өтө суук, континенттик. Жылдын орт. темп-расы 0°С ден төмөн, июлдуку 10°С чамалуу, кышында —30°, —40°С суук болот. Жылдык орт. жаан-чачыны 180—300 *мм*, анын көбү жайында кар, мөндүр, шыбыргак түрүндө түшөт. Климаттын дайыма ызгаардуу болушунан кыртышында тереңд. 0,5—2 *м* түбөлүк тоң жатат. Суулары Сары-Жаз суусунун алабына кирет. Анын при куймалары: Эңилчек, Кайыңды, Көйкап (сол жагында), Көөлү, Оттук, Үч-Көл, Теректи, Ак-Шыйрак (оң жагында). Сары-Жаз суусунун жылдык орт. чыгымы 100—120 *м*³/*сек*, көбүнчө моңгу ж-а кар сууларынан куралат. Эңилчек моңгусүнүн түндүгүндө Мерцбахер көлү (Түн. Эңилчектин оозунда) орун алган. Областка тоолуу-чөлдүү такыр, бийик тоолуу талаа, талаалуу-шалбаа топурактары мүнөздүү. Өсүмдүктөрдөн доңуз сыры, шыбак, бетеге ж. б. бар. Сары-Жаз м-н Көөлү тоолорунун тескейи нымдуу келип, капталдарында жапыз карагайлар ж-а субалпы шалбаалары өсөт. 3 миң *м* ден жогору бийик тоолуу муздак чөл ж-а нивалдык-гляциалдык (4000—4500 *м*) ландшафттар жатат. Бийик тоолордун тегиз бети тундранын табиятына окшош. Айбаттары: суусар, аркар, тоо эчки, аюу, карышкыр, илбирс ж. б.; канаттуулары: чөкө таан, таз жору, тибет каргалары ж. б. Областтын аймагы жайлоо ж-а кыштоо катары пайдаланылат. Кээ бир жерлеринде эгин айдалат.

Ад.: Природа Киргизии, Фр., 1962; Чупахин В. М., Физическая география Тянь-Шаня, Фр., 1964; Мамытов А. М., Почвы Центрального Тянь-Шаня, Фр., 1963; Климат Киргизской ССР, Фр., 1965.

БОРБОРДУК ФРАНЦУЗ МАССИВИ — Франциянын борб. ж-а түш. бөлүгүндөгү тоолуу аймак. Орт. бийикт. 750 *м*. Түндүктөн түштүккө 450 *км*, батыштан чыгышка 350 *км* ге созулат. Массив гердин бүктөлүүсү мезгилинде пайда болгон. Мезозой заманында эрозиядан денудациялык түздүктөргө айланган. Неоген мезгилинде массивдин кээ бир жерлери көтөрүлүп тоого айланып, айрым жерлер чөгүп, ойдундарды пайда кылган. Жаракалардан атылып чыккан жанар тоо бүркүндүлөрүнөн айрым ойдундар деңсөөгө айланган. Массивдин эң бийик чеги — Пюи-де-Санси (1886 *м*) чокусу. Климаты мелүүн. Жылдык жаан-чачын 800—1000 *мм*. Массивден Луара, Дордон, Трюйер, Крез д-лары башталат. Бозомук күрөң топуракта жазы жалбырактуу (бук, эмен, каштан ж. б.) токой өсөт. Б. ф. м.— дыйканчылыкка (кара буудай, картошка, багбанчылык), мал чарбачылыгына (уй, кой) ж-а туризмге ыңгайлуу жер. Ири шаарлары: Сент-Этьенн, Ле-Крёзо, Клермон-Ферран, Лимож.

БОРБОРДУК ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОН — Валдай деңсөөсүнүн түн. бөлүгүндө жайгашкан эң ири экон. район. Кострома, Ярослав, Калинин, Смоленск, Москва, Владимир, Иванов, Рязань, Тула, Калуга, Брянск ж-а Орлов облстары кирет. Аянты 455,2 миң *км*² (өлкөнүн терр-ясынын 2,2%). Калкы 27,7 млн. (1970, СССР калкынын 11,4%). Калктын 72% шаарларда ж-а ш. т. посёлоктордо турушат. Климаты — континенттик. Жылдык орт. темп-расы январда —7,5°С (түн.-батышында),— 10,5°С (түш.-чыгышында), июлдуку түн.-батышында 17,5°С ж-а түш.-чыгышында 19,5°С. Жылдык жаан-чачын 480—600 *мм* ге чейин. Район кендерге бай (күрөң көмүр, чым көң, темир, фосфор ж. б.). Калкынын көпчүлүгү орустар. Орт. жышт. 1 *км*² жерге 57 киши. Б. э. р. жог. квалификациялуу машина куруу, металл иштетүү, химия ж-а кездеме токуу өн.-ж-на айланган. Кара металлургия, полигр., бут кийим ж-а тамак-аш өн. ж-лары да өнүккөн. Район СССРдеги чыгарылуучу жеңил өн. ж. жабдууларынын, электр энергиясы м-н жүрүүчү трансп. м-н автомобилдин, станок м-н инструменттин, прибордун бир кыйласын берет. Б. э. р-до өн. ж. ишканаларын кооперациялоо кеңири өнүктү. Мис., Москвадагы Лихачёв атн. з-д өлкөдөгү 450 завод м-н кооперацияланат. Бүткүл союздук а. ч. продукциясынан Б. э. р-дун үлүшүнө ыгыр буласынын 32%, картошканын 16% ж-а жашылчанын 12% туура келет. А. ч-нын алдыңкы тармагы — мал чарбачылыгы. 1970-ж. товардык продукциянын структурасында мал чарбасынын үлүшү 66% ти түзгөн. Райондун трансп. тармагынын негизин т. ж. түзөт. СССРдин башка экон. райондору м-н 25 т. ж. тармагы аркылуу байланышат. Автомоб. ж-а аба жолдору да жакшы өнүккөн.

БОРБОРДУК ЯКУТ ОЙДУҢУ Лена д-нын ортоңку, төмөнкү ж-а Вилюй, Алдан д-ларынын төмөнкү агымдарынан орун алган. Деңиз деңг. 75—200 *м* бийиктикте. Батыштан чыгышка 550 *км* ге созулат. Кыртышы лёсс сымал топурактан ж-а аллювий кумунан түзүлгөн. Бардык жеринде көп жылдык тоң бар. Саз ж-а термокарст көлдөрү көп. Климаты — кескин континенттик, январдын орт. темп-расы —38ден —43°С, июлдуку 18°С. Жылдык жаан-чачыны 200—300 *мм*. Ойдунда көбүнчө ийне ж-а жазы жалбырактуу тайга токою өсөт.

БОРБОРЛОО — заготовканы станокто иштетүүгө ылайыктоо үчүн жасалган конус түрүндөгү тешикчени (борб. тешикчени) алууда колдонулуучу технол. процесс. Б. үчүн атайын станоктор — борборлоочу станок м-н бургу колдонулат. Борб. тешикчелер заготовканын айлануу огуна түздөн жайлаштырылып, Б. анын экинчи жагынан тең бир убакытта аткарыла берет. Заготовканы иштетүүдө ал үчүн конус түрүндөгү борбор деп аталуучу тетикке борб. тешикчеси м-н такалып, анан бекитилет.

БОРБОРЛОШТУРУЛГАН ЖҮК ТАШУУ — жүк ташуунун бир түрү. Мында трансп. мекемеси жүк жөнөтүүчү м-н алдын ала келишим түзөт. Жөнөтүүчү мекеме жүктү жүктөйт да, алуучу уюм түшүрөт. Трансп. экспедиция иштери автотрансп. мекемесине жүктөлөт да, жүк жөнөтүүчү мекеме жүк ташуу акысынан сырткары кызмат акыны да кошо төлөйт. Кырг-нда Б. ж. т. жалпы жүк ташуунун жарымынан көбүн түзөт.

БОРБУГУЛОВ Мухтар (5. 5. 1930-ж. т., Ош обл., Сузак р-ну, Ак-Тоок кыш.) — кыргыз совет ад-тчысы, жазуучу, тамсилчи, филол. илимд. доктору (1967), проф. (1967). 1959-жылдан КПССтин мүчөсү. КМПИнин тил, ад-т ф-тетин (1953), Москвадагы М. Горький атн. дүйн. ад-т ин-тунун аспирантурасын (1956) бүтүргөн. 1956—57-ж. «Ала-Тоо» журналынын бөлүм башчысы болот, 1957-жылдан КМУда иштейт; адегенде доцент, 1959—64-ж. журналистика кафедрасынын башчысы, 1970-жылдан кыргыз адабияты кафедрасында проф. Чыг-лыгы 1949-жылдан башталган. «Тамсилдер ж-а ырлар» (1955), «Тамсилдер» (1956), «Тамсилдер» (1960), «Керегем сага айтам» (1964), «Таңдалган тамсилдер» (1973) жыйнактарынын, «Элеттик жигит» романынын (1-китеп, 1964) автору. Б. кыргыз ад-тында тамсил жанрын калыптандырууда белгилүү роль ойноду. Анын кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн фольклордон реалисттик ад-тка өсүп, өнүгүшүнүн негизги проблемалары, реалисттик методдун калыптанышы, кыргыз совет ад-тындагы улуттук ж-а интерн. мамилелердин карымкатнашы, фольклор м-н проф. ад-ттын эстет. табияты б-ча орус ж-а кыргыз тилдеринде жазылган илд. изилдөөлөрү бар. Айрым чыг-ларын орус тилине которулган. Бир нече медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Турмуштун терең көздөй, Фр., 1967; Учу кыйырсыз жол, Фр., 1968; Пути развития киргизской советской драматургии, Фр., 1958; О киргизской драматургии, в кн.: Киргизская советская драматургия, М., 1959; Драматургия, в кн.: История киргизской советской литературы, М., 1970; Киргизская литература, в кн.: История многонациональной советской литературы, М., 1974; От идеализации — к исследованию, «Дружба народов», 1972, № 10; От Манаса — к Толстому, в кн.: Живое единство, М., 1974.

БОРДО — Франциянын түш.-батышындагы Жиронда департаментинин админ. борбору. Калкы 267 миң, шаар

айланасы м-н 500 миңден ашык (1968). Гаронна д-ныи боюндагы порт ж-а ири т. ж. тоому; өлкөнүн тышкы соода борборлорунун бири. Б. аркылуу сыртган нефть, көмүр, фосфаттар, кофе ж. б. алынып келинет. Сыртка нефть продуктулары, кездеме, вино, жемиш ж-а балык консервалары чыгарылат. Нефть иштетүү, кеме, самолёт куруу, металлургия, жүндөн кездеме токуу, тамак-аш ө. ж. ишканалары, ун-т (1441-жылдан бери) бар.

БОРДОО — малды колдо багып семиртүү. Б-го көбүнчө үй, чочко, кой ж-а үй куштары коюлат. Б-нун максаты — малды тез семиртип, эттин, терининж-а жүндүн сапатын жакшыртуу. Б. ыгы туура пайдаланылганда, тоют аз чыгымдалып, этти арбын алууга болот. Б-нун мөөнөтү малдын, бакма канаттуулардын жашына, породалык сапатына ж-а берилген тоютка жараша болот. Мис., инек ж-а картаң уйду 60—75, ноопасты 90—120, койду 45, жылкыны 60—75 күн борго байлайт. Бул учурда уй күнүнө кеминде 800, кой 150, жылкы 600 *г* салмак кошот. Кырг-ндын шартында малды бордогондо жем-чөп, силос колдонулат. Респ-када малды бордоочу 15 совхоз, колхоз-совхоз аралык пункт м-н база бар. Мындан башка бакма канаттууларды бордоочу фабрика-завод иштейт. Ош обл-да, Чүй өрөөнүндө мал бордоочу ири комплекстер курулууда.

БОРДОС СУЮКТУГУ (Франциядагы Бордо ш-ныи атынан) — өсүмдүктөрдүн грибок ж-а бактерия илдеттерине каршы колдонулуучу химиялык зат. Б. с. пайдаланылаар күнү даярдалат. 1 *кг* көк ташты 90 *л* суугa эритип, ага 10 *л* жаңы өчүрүлгөн 10%түү аки таш суусу кошулат. Б. с. жүзүм, алма, алмурут ж. б. өсүмдүктөрдүн илдетине каршы пайдаланылат.

БОРДУ — Кемин р-нундагы Алмалуу сельсоветине караштуу кыштак. «Комсомол» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Быстровкадан 25 *км* түш. тарапта, Быстровка т. ж. станциясынан 24 *км*. Калкы 453 (1970). Башталгыч мектеп ж-а китепкана бар.

БОРДЮР (фр. bordure, bord—жээк) — сүрөттүн, тексттин ж. б. четин кооздоо, кыюу, түрдөө, жээктөө, кырбылоо; жол курулушунда жол, тротуар бойлото такта таш тизүү; багбанчылыкта гүлзар, клумба ж-а газонду жээктете кооз өсүмдүк өстүрүү.

БОРЕАЛДЫК КЛИМАТ (лат. boralis, гр. boreas — түндүк) — кышы кардуу, жайы жылуу, бирок кыска болгон мелүүн алкактардагы климат. Б. к-туу аймактарга тайга ландшафттары м-н жалбырактуу токой мүнөздүү.

БОРЖОМИ — ГССРдеги шаар, Боржоми р-нунун борбору, бальнеологиялык ж-а климатологиялык курорт. Тбилиси ш-ныи батышынан 152 *км*. Кура д-ныи өрөөнүндө. Калкы 16,3 миң (1970). Жайы жылуу, кышы мелүүн. Б-де аш казан, ичеги, боор ж. б. оорусу бар адамдар минералдуу суу м-н дарыланат. Курорт жыл бою иштейт. Б-де минералдуу суу куюштуруу ж-а айнек з-ддору, токой техникуму, эл театры, край таануу музейи бар.

БОРЖОМИ КАПЧЫГАЙЫ — Кавказдагы Кура д-ныи өрөөнүндөгү капчыгай, ГССРинде. Кичи Кавказдагы Месхет ж-а Триалет кырка тоолорун болуп жатат. Уз. 60 *км* ге жакын, терең. 1300—1500 *м*. Капталдарында жазы ж-а ийне жалбырактуу токойлор өсөт. Капчыгайда *Боржоми* ш. жайгашкан.

БОРИДДЕР — бор м-н металлдардын бирикмелери. Б.— эрүү ж-а кайноо темп-ралары жогору (1800—3200°) болгон катуу заттар; металлдын ж-а бордун күкүмдөрүнүн аралашмасын ысытуу, металл кычкылына бор кардидин таасир этүү жолдору м-н алынат. Б. авиацияда, ракета курууда, электрондук приборлордун катоддорун жасоодо ж. б. колдонулат.

БОРИС ГОДУНОВ (1552—1605) — орус падышасы (1598—1605). Бояр Федор Годуновдун уулу, падыша Иван IV нүн сарайында тарбияланган. Иван IV өлгөндө (1584), кем акыл падыша Федорго карындашын берип, өзү бийлик жүргүзгөн. Баласыз падыша Федор өлгөн соң Земский собордо 1598-ж. 17-февр. падыша болуп шайланган. Ал жөндөмдүү мамл. ишмер катары дворяндардын мүдөөсүн коздоп, алардын бийлигин бекемдөөгө аракет кылган. Крепостной укукту күчөтүү м-н чарбанын бүлүшүүн токтотууга далалат жасаган. Тышкы саясатта Ливон согушунда олжого кеткен айрым жерлерди кайтарып, орус мамлекетинин эл аралык абалын чыңдоого жетишкен. Б. Г. сурап турган чакта крепостной эзүүнүн айынан кубаттуу дыйкандар көтөрүлүштөрү чыккан. Ал 1605-ж. 13-апрелде, Жалган Дмитрий I менен каршылашуу күчөп турган мезгилде, капыстан каза болгон. Тактыга анын балакатка жете элек уулу Федор отурган, бирок ал москвалыктардын көтөрүлүшүндө (1. 5. 1605) киши колдуу болуп өлгөн. Ошону м-н Годуновдордун бийлиги биротоло бүткөн.

БОРИСЕВИЧ Николай Александрович (21. 9. 1923-ж. т., Минск губ., Игуменск у., Лучной Мост с.) — сов. физик, БССР ИАнын акад. (1969), президенти (1969). 1945-жылдан КПССтин мүчөсү. Белорус ун-тин бүтүргөндөн кийин (1950) БССР ИАнын Физ. ин-тунун директоруна орун басар (1955—69) ж-а инфра кызыл нурлар физикасынын лабораториясына башчы болгон (1955-ж-дан). Негизги ил. эмгектери газ фазасынын татаал молекулаларынын люминесценциясын, инфра кызыл спектроскопия ж-а квант электроникасын изилдөөгө арналган. Дүүлүккөн молекулалардын темп-расын ж. б. мүнөздөмөлөрүн оптикалык жол м-н аныктоо методун иштеп чыккан. Инфра кызыл жутуулуу тилкелеринин интенсивдүүлүгүнүн темп-радан болгон интегралдык көз карандылыгын ачкан. О. эле спектрдин инфра кызыл зоналары үчүн дисперсиялык чыпкалардын жаңы түрлөрүн түзгөн. СССР Жог. Советинин (7—9-шайл.) депутаты. СССР мамл. сыйлыгынын лауреаты (1972).

БОРИСОВ — БССРдин Минск обл-дагы шаар. Берёзина д-дагы пристань, т. ж. станциясы, шоссе жолдорунун тоому. Калкы 84 миң (1970). Машина куруу, металл ж-а жыгач иштетүү, химия, тамак-аш ө. ж-лары, пианино («Беларусь») ф-касы, темир-бетон ж-а айнек з-ддору, мед. окуу жайы, политехникум, край таануу музейи бар. Шаарды 1102-ж. Полоцк князы Борис Всеславич негиздеген.

БОРИСЯК Алексей Алексеевич [22. 7(3. 8). 1872—25. 2. 1944] — сов. палеонтолог ж-а геолог, СССР ИАнын акад. (1929; мүчө-корр., 1921). Петербург тоо-кен ин-тун бүтүргөн (1896). Геол. комитетте иштеп, 1932-жылга чейин анын палеонтология бөлүмүн башкарган. Ленинград тоо-кен ин-тунун проф. ж-а тарыхый геол. кафедра башчысы (1911—30), Москва мамл. ун-тинин палеонтология кафедрасын уюштуруучу ж-а анын жетекчиси (1939—42). СССР ИАнын Палеонтология ин-тун түзүүнүн демилгечиси ж-а директору (1930—44). Ал омурткалуулар палеонтологиясынын сов. мектебинин башында турган. Б-тын негизги эмгектери фация м-н жалпы палеонтологияны, юра мезгилинин моллюскаларын, омурткалуулар, айрыкча сүт эмүүчүлөрдүн палеонтологиясын изилдөөгө арналган. Жер тарыхын физ.-геогр. шарттар м-н орг. тирүүлүктүн биримдүү өнүгүшү катары эсептеген.

Чыг.: Основные проблемы эволюционной палеонтологии, М.—Л., 1947; Избранные труды. К 100-летию со дня рождения, М., 1973.

Лит.: Памяти академика А. А. Борисяка. [Сб. ст.], М.—Л., 1949; А. А. Борисяк, М.—Л., 1947.

БОРКО — Ош обл-ныи Ноокат р-нундагы Кыргыз-Ата сельсоветине караштуу кыштак. Тельман атн. к-здун аймагында, Кыргыз-Ата суусунун оң жээгинде, р-ндун борбору Эски-Ноокаттан 7 *км* түн.-чыг. тарапта, Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 50 *км*. Калкы 1350 (1971). Сегиз жылдык мектеп, китепкана, клуб бар.

БОРКОЕВ Жакыпалы (10. 2. 1933-ж. т., Ош обл., Өзгөн р-ну, Улуу-Чат кыш.) — сов. геолог. Фрунзе политех. ин-тунун тоо-геол. ф-тетин бүтүргөн (1956). Кыргыз ССР геол. башкармасынын геол. чалгындоо партияларында геолог (1956), башкы геолог (1970) болуп иштейт. Түн. Кырг-ндагы сымаптын ири кендеринин бирин ачуу ж-а чалгындоо жумуштарына активдүү катышкандыгы үчүн Кыргыз ССР Мамл. сыйлыгы (1973) кыйгарылган. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

БОРКОЛДОЙ КЫРКА ТООСУ *Ички Тянь-Шандын* чыгышында; түндүгүнөн Кара-Сай өрөөнү (Нарын д-ныи алабы), түштүгүнөн Жагалмай, Эмген-Кайнар, Кичи-Үзөңгү-Кууш өрөөндөрү м-н чектешет. Чыгыштан (структурасы б-ча) Какшаал тоо тизмегине котулун, батышта Нарын тоосунан Кара-Көл өрөөнү аркылуу бөлүнүп турат. Уз. 70 *км*, туурасы 12—16 *км*. Орт. бийик. 4700—4100 *м*, эң бийик чокусу 4944 *м* (Чакыр-Корум). Палеозой заманында пайда болгон аки таш, гранит ж-а мрамор тектеринен түзүлгөн. Неотектон. түзүлүшү — антиклинорий-горст. Бул кырка тоо өтө тилмеленген, бат. тарабындагы беттерде бир аз түзөң жерлер (байыркы денудациялык деңгээл) бар. Батышты карай Чоң Борколдой ж-а Кичи Борколдой деген 2 тарамга ажырайт. Мөңгүлөрдөн (айрымдарынын аянты 8 *км*²) Ашуу-Тор, Борколдой, Чакыр-Корум, Жагалмай суулары башталат. Антропоген мезгилинин башында тоонун көп бөлүгүн муз каптап жаткан. Негизинен талаа, субальпы, альпы ж-а нивалдык алкактар мүнөздүү. Күңгөй жагынан кургак талаа ж-а бийик тоолуу такырлар кездешет.

БОРНИТ (австр. минералог И. Борндун ысмынан) — сульфиддер тобундагы минерал. Хим. формуласы Cu_5FeS_4. Составында 52—65% Cu, 8—12% Fe болот. *Куб системасында* кристаллданат. Өңү кара күрөң, кыягылт сары келип, кубулуңку тарам-тарам көк түскө өтөт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3. Салышт. салм. 4,9—5,3. Негизинен гидротерм кендеринде кездешет. Б. жез рудасынын негизги минералы.

БОРОВИНКА — алма сорту. Мөмөсү орт., кээде чоң да болот (80—120 *г*). Тоголок, түсү сары же кызгылт, ширеленүү, даамы кычкыл таттуу. Дарагы анча чоң эмес. Суукка чыдамдуу. 4—5 жылдыгында мөмө берет. Мол түшүмдүү, ар түбүнөн 1,5—2 *ц* ден алма алынат. РСФСРдин борбор райондорунда күздүк, түштүгүндө жаздык алма катарында өстүрүлөт. Ал Кырг-ндын бардык зоналарында кеңири таралган.

БОРОВЫХ Андрей Егорович (30. 10. 1921-ж. т.) — авиациянын ген.-полковниги (1968), эки жолу Сов. Союз. Баатыры (24. 8. 1943 ж-а 23. 2. 1945), СССРдин эмгек сиңирген аскер учкучу (1966). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Аскердик авиац. мектепти бүтүргөн. Улуу Ата Мек. согушта катардагы учкучтан 157-чалгындоочу авиаполктун командирининоруп басарына чейинки жолду басып өткөн. Б. 130 жолу аба согушуна катышып, жеке өзү душмандын 32, биргелешкен топ м-н 14 самолётун атып түшүргөн. Согуштан кийин Аскердик аба академиясы (1951), Генштабдын Аскердик академиясын (1957) бүтүргөн. СССР Жог. Советинин 2-шайл. депутаты. 2 Ленин ордени, 5 Кызыл Туу, Александр Невский, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар, польш. орден м-н сыйланган.

БОРОДИН Александр Порфирьевич [31. 10(12. 11). 1833, Петербург — 15(27). 2. 1887, ошол жерде] — орус композитору, химик. Мед.-хирургия академиясын (1856) бүтүргөн. 1858-жылдан мед. илимд. доктору. 1860-ж. Петербургда илимий-пед. ж-а коомдук иштерде иштеген. 1862-жылдан адъюнкт-проф. 1864-ж. ординарлык проф. 1877-жылдан академик. 1874-ж. Мед.-хирургия академиясында химия лабораториясынын жетекчиси. 1872—87-ж. аялдар үчүн жог. окуу жайы — Врачтык аялдар курсун уюштуруучулардын бири ж-а анын окутуучусу. Б. химия тармагы б-ча 40тан ашуун ил. эмгектин автору. Н. И. Зининдин окуучусу. Б. кислоталардын күмүш туузына бромду таасир этип, бромдуу май к-таларын алуу жолун иштеп чыккан. Биринчи фторорг. бирикме — фтордуу бензоилди синтезден алган (1862) ж-а ацетальдегидди, альдолду, альдолдук конденсация реакциясын изилдеген.

Б. муз. чыг-лары м-н илимий-пед. ж-а коомдук ишмердүүлүгүн ар дайым бирге алып жүргөн. 19-к-дын 50-жылдарында фортепьяно үчүн пьеса, романстар жаза баштайт. 1862-ж. М. А. Балакирев м-н таанышып, аның «Кубаттуу топ» аттуу кружогуна мүчө болуп кирет. Анын муз.-эстет. көз карашы орустун көрүнүктүү муз. ишмерлери В. В. Стасов, М. А. Балакиревдердин таасиринде калыптанган. Эң маанилүү чыг-сы — «Князь Игорь» операсы. Б.— орус классикалык симфониясы м-н квартетин түзүүчүлөрүнүн бири. Анын 1-симфониясы (1867), Экинчи жө Баатырдык симфониясы (1876), 1-(1879) ж-а 2-(1881) квартеттери бар. Б. өз чыг-ларында орус элинин улуттук духун терең ачкан. Анын чыг-лыгы орус ж-а чет элдик композиторлорго зор таасирин тийгизген. Б-дин өрнектүү салттарын сов. композиторлор С. С. *Прокофьев*, Ю. А. *Шапорин*, А. И. *Хачатурян* ж. б. улантты. Анын муз. мурастары О. Азпя, Закавказье элдеринин улуттук муз. мад-тынын өсүшүнө да таасир берген.

Лит.: Ильин М., Сегал Е., Александр Порфирьевич Бородин, М., 1953.

БОРОЛДОЙ — Кемин р-нундагы Боролдой сельсоветине караштуу кыштак. Киров атн. к-здун борбору, *Быстровкадан* 18 *км* түн.-чыг. тарапта, Быстровка т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 5549 (1973). Айылдык проф-тех. окуу жайы, орто ж-а сегиз жылдык мектеп, мад-т үйү, клуб, ооруканa ж-а аптека бар.

БОРОЛДОЙ КЕНИ — Кырг-ндагы курулуш аки ташы ж-а кампарит казып алынуучу жер. Кемин р-нундагы Боролдой кыш-нан 15 *км* түн. тарапта, Кастек тоосунун түш.-чыг. капталында. Кен 1939-жылдан белгилүү, 1950—54-ж. «Средазгеолнеруд» трести геол. чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Кен таш көмүр мезгилинин ортосунда пайда болгон агыш ж-а боз түстүү мрамордолгон аки таш тегинен түзүлгөн. Ал гранит интрузиясынын арасында жатат. Пайдалуу катмарлардын калыңд. 95 *м* ге жетип, аның тилкеси 350 *м*. Хим. составы б-ча аки таш тегин бардык жерде бирдей: $CaCO_3$—94—99%, чополуу кошундулар — 0,12—4,38%. 1 *кг* аки таштан 2,5 *л* эриди чыгат. Аки таштын чылануу ылдамд. 13 *мин*, темпрасы 54°С. Аки таш тегинен 1-сорт аки таш алууга болот. Кендин запасы 1702,8 миң *т* (1955). Кенди 1959-жылдан Жел-Арык аки таш э-ду карьер түрүндө казып алууда.



А. П. Бородин.



Ы. Борончиев.

БОРОНЧИЕВ Ысмайыл (1910-ж. т., Чүй р-ну, Алчалуу кыш.) — кыргыз совет төнөмө ырчысы, Кыргыз ССР эл артисти. 1946-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей үй-бүлөсүндө туулган. Б-дин ырчылык өнөрү 1929-жылдан башталат. Анын алгачкы ырлары колхоз турмушу м-н махабат темасына арналган. 1936-ж. Кыргыз мамл. филармониясына кабыл алынат. 1961-жылдан персоналдык пенсияда. *Калык, Осмонкул, Алымкул* өңдүү кыргыздын айтылуу ырчылары м-н бирге жүрүп, алардан таалим алат. Б.— «Шамбет» (1940), «Ырлар жыйнагы» (1949), «Кызыл кырман» (1953), «Айтыштар» (1961), «Менин сөзүм» (1965), «Кызыл кырман» (1970) ж. б. ыр жыйнактарынын, «Ырчынын өмүрү» (1969) аттуу мемуардык китептин автору. Б. поэзиясында жалпы эле кыргыз эл ырчыларына мүнөздүү болгон поэтикалык салтты уланткан келе жатат. Анын ырлары орус тилине да которулган («Красный ток», 1973). Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОРООН — кар аралаш соккон мазадак, катуу шамал. Анын ылдамдыгы (күчү) *Бофорт шкаласы* б-ча 7—9 баллга жетет. Б-дун пайда болушу, негизинен аймактардын үстүнөн атмосферадагы *циклондордун* жүрүшү м-н түшүндүрүлөт. Кээде заматта пайда болуп, бат токтосо, кээде бир топ күнгө созулат. Б. эл чарбасына ж-а жалпы эле жашоо тиричиликке зыян келтирет.

БОРООНЧУЛАР (Procellariiformes) — деңиз канаттууларынын түркүмү. Денесинин уз. 15—105 *см*, ак чардакка окшош, үстүңкү түмшугунун учу төмөн карай ийилген, жүнү жыш, ты-

гыз, канаттары субагай, узун. Алар — океандын, деңиздин үстүндө талыкпай жакшы учуучу, катуу бороон болорун алдын ала сезүүчү канаттуулар. Б. бирден жумуртка тууйт. 60 күнчө эркек-ургаачысы кезектешип басып, балапан чыгарат. Алар 4 айынан өзүнчө жем таап жешке жарайт. Б-дын 24 уруусу ж-а 94 түрү белгилүү. Көбүнчө түш. жарым шарда ке-



Ичке тумшуктуу бороончу.

цири таралган. СССРде 13 түрү жашайт. Майда балыктар, моллюскалар, рак сыяктуулар ж. б. суу жаныбарлары м-н азыктанат.

БОРОШО, к. *Бурбанак.*

БОРТ, к. *Алмаз.*

БОРУК — эки жашар бычмал кой. Жакшы семирет, эти даамдуу, жүнү сапаттуу. Тирүүлөй салм. 40—45 *кг,* айрым учурда 50—60 *кг.*

«БОРЬБА» — 1) РСДРП Москва комитетинин адабий-лекторлук тобу ачык чыгарган большевиктик газета. 1905—07-жылдагы рев-я мезгилинде 1905-ж. 9 номери чыккан. Москванын сот палатасы «Б.» газетасынын чыгышына тыюу салган. 2) РСДРПнин Москва округдук комитетинин жашырын чыгуучу большевиктик газетасы. 1907-ж. марттан 1908-жылдын февралына чейин (12 номери) чыккан. 3) Самарада (1906), Устюгда (1907), Николаевде, Н. Тагилде, Тифлисте (1908-ж.), Ригада (1906—09), Петербургда (1909—10), Петроградда, Царицында, Винницада (1917) чыгып турган большевиктик газеталар.

БОСНИЯ ЖАНА ГЕРЦЕГОВИНА — Югославиянын (ЮСФР) составындагы соц. республика. Аянты 51,1 миң км². Калкы 3799 миң (1968). Борбору — Сараево. Жеринин 90%ин Динар тоолору ээлейт (бийикт. 2000—2400 *м*). Түн. Сава д-нын боюнда ойдундар жатат. Климаты өрөөндөрдө мелүүн континенттик; жылдык жаан-чачыны 600—800 *мм*, тоолордо салкын ж-а нымдуу (жылдык жаан-чачыны 1500—2500 *мм*). Аянтынын 40% токой. Б. ж-а Г.— өлкөнүн маанилүү энергет. базасы (күрөң көмүрдүн ири запасы бар). Югославиядагы темир рудасын өндүрүүнүн 99%, кара металл өндүрүүнүн 50% Б. ж-а Г-нын үлүшүнө тиешелүү. Машина куруу, тамеки-аш ж-а жеңил ө. ж. бар. Токой ж-а токой иштетүү ө. ж. маанилүү ролду ойнойт. Целлюлоза өндүрүү б-ча өлкөдө 1-орунда. Өрөөндөрдө жүгөрү, картошка, кара буудай, кант кызылчасы айдалат. Тоолуу жеринде мал (уй, чочко, кой) багылат. Бакчачылык, жүзүмчүлүк, туризм өнүккөн.

Б. ж-а Г-нын аймагында палеолит мезгилинде эле байыркы иллирийлик-тер жашаган. Б. э. ч. 3-к-да бу жерде пайда болгон кул ээлөөчүлүк мамлекетин б. э. 1-к-ында Байыркы Рим каратып, Далмация провинциясына кошкон. 5-к-дын аягында Византиянын карамагына өтөт. 6—7-к-да аларды славяндар ээлейт. 8—9-к-да славяндарда феодалдашуу процесси башталат. 14-к-да Босния башында бан Кулин (1180—1240) турган өзүнчө феод. княздыкка, андан кийин королдукка айланып, аймагы бир кыйла кеңейген. Ири феодалдардын ич ара таймашып, күрөшүндө акыры (1448) Босния королдугунун түш. бөлүгүнүн башкаруучусу Степан Вукчич өзүн герцог деп жарыялайт. Ал ээлеген аймак Герцеговина деп аталат. Көп өтпөй түрктөр Боснияны (1463), Герцеговинаны (1484) басып алат. 1583-ж. Б. ж-а Г. Босния падышалыгына бириктирилет. Феодалдардын көчүлүгү ж-а калктын бир бөлүгү ислам динин кабыл алат. 19-к-да соода иштери өнүгүп, 1872-ж. биринчи т. ж. курулса да, Б. ж-а Г. социалдык-экон. жактан артта кала берет. Элинин 90% а. ч-да иштейт. Феод. ж-а улуттук эзүүгө чыдабай дыйкандар көп жолу улуттук-бошт. күрөшкө чыккан. Ал күрөштүн эң ириси *Герцеговина-Босния көтөрүлүшү (1875—78)* болгон. *Берлин конгрессинин (1878)* чечими м-н Б. ж-а Г. Австрия-Венгриянын колониясына айланган. 1918-ж. Б. ж-а Г. сербдердин, хорваттардын ж-а словендердин королдугуна (1929-жылдан Югославия) өтөт. Немец фашисттерге каршы күрөштө Б. ж-а Г. Югославия элдеринин элдик-бошт. согушунун маанилүү борбордорунун бири болду. Б. ж-а Г. 1945-ж. элдик респ-канын укугу м-н Югослав Элдик Федерация Респ-касынын, 1963-жылдан ЮСФРдин составына кирген.

БОСОГО — боз үйдүн эшиги ж-а ага тиешелүү нерселер. Боз үйдүн эшигинин эки жан-жагында жазылыгы 8—15 *см*, калыңд. 4—6 *см*, бийиктиги кереге бою эки босого таягы болот. Алардын төменкү учу аяк же жер босогонун четиндеги төрт чарчы көзөнөгүнө, жогорку учу баш босогонун тешигине асталат. Аяк босого м-н баш босогонун узундугу бир метр чамалуу, калыңдыгы 6—8 *см*, эни босого таяк м-н бирдей. Баш босогонун так ортосунун үстүрөөк жагында эшик боо байланчу көзөнөгү болот. Боз үйдүн ичин көздөй эки жакка ачылчу эки кичинекей каалгалары бар. Алардын баш-аякты четтеринде уз. 5—6 *см* келген ашык-машыктын милдетин аткаруучу жумуру казыкчалары бар босого м-н аяк босогонун ич жагынын эки четиндеги жазылыгы 4—6 *см*, уз. 8—12 *см* келген курбучадагы тегерек тешиктерге киргизилет. Каалгасы жок боз үйдүн эргилчеги болот. Босогонун бардык бөлүктөрү оймо, чийме м-н кооздолуп, түрдүү түстөгү боёктор, жоолор м-н боёлот.

БОСОГО, богот — дарыялардын пугундагы аска таштуу тайыз жерлер. Б. жер бетинде чыгып жаткан катуу тоо тектерди же алардын аскалуу кыркаларын суу оюп жеп, жырып кете албаганынан келип чыгат. Б-дон кийин жерлер эңкейиш келип, суу тез агат (3—5 *м/сек*). Кээде шаркыратмалар да Б-го айланат. Б. көбүнчө тоодогу дарыяларга мүнөздүү, түздүктөгү кээ бир дарыяларда да болот. Чоң-чоң дарыяларда Б. кемени жүрүшүнө тоскоолдук кылат. Кырг-нда дээрлик бардык дарыяларда Б. бар. Б-догу суунун тез агып түшүшүнөн пайдаланып ГЭСтер курулат.

БОСОГО, Эгиз — зодиак топ жылдыздарынын бири. Анын эң жарык жылдыздары — Поллукс (β) ж-а Кастор (α). Б. асмандын түн. жарым шарындагы Рак ж-а Телец топ жылдыздарынын арасында жайланышкан. Б-нун эң жакшы көрүнүү мезгили — декабрь, январь.

БОСПОР МАМЛЕКЕТИ, Боспор — Кара деңиздин түн. жээгиндеги байыркы кул ээлөөчүлүк мамлекет. Борбору Пантикапей (азыркы Керчь) ш. болгон. Б. м-нин гүлдөгөн мезгили б. э. ч. 4—3-к-дарга туура келет. Ал кезде Греция ж-а К. Азия м-н соода жүргүзүп, аларга дан, мал, балык ж-а кулдарды берип, Жер Ортолук деңиз жээгиндеги мамлекеттерден өзүнө кездеме, олива майын, металлдан жасалган аземи буюмдарды алып турушкан. Анда дыйканчылык, мал чарбачылыгы, кол өнөрчүлүгү жакшы өнүккөн, экономикасы кулдарды ж-а көз каранды калкты эзүүгө негизделген. Анын шаарлары түзүлүшү б-ча Греция м-н К. Азиянын шаарларына окшош. Археол. казуулар да Б. м-нин аймагынан көптөгөн шаар урандылары, храмдар, күмбөздөр, чептер, аземи металл буюмдары табылган. Б. м-нде күмүш монеталарын ж-а жыгачтан буюм жасоо өнөрү жакшы өнүккөн. Б. э. ч. 2-к-да экономикасы начарлай баштаган. Б. э. ч. 107-ж. Боспордо көз каранды скифтердин ж-а Савмак башкарган кулдардын көтөрүлүшү чыккан. Көтөрүлүш басылгандан кийин Б. м. адегенде Понт падышасына баш ийип, андан кийин б. э. ч. 63-ж. Рим империясына көз каранды болуп калган. Б. э. 1—2-к-ында ал кайрадан гүлдөп, Крымдын көпчүлүк бөлүгүн ж-а Херсонду толугу м-н ээлейт. Бирок аның мындай гүлдөшү көпкө созулган жок. Кул ээлөөчүлүк системанын кризиси, готтор м-н гуннидардын жортуулдары Б. м-нин биротоло жок болушуна алып келди.

БОСС — 1) кожоюн, ишкана ээси; 2) АКШда Респ-калык ж-а Демокр. партиялардын штаттардагы, шаарлардагы аппараттарын башкарган адамдын аталышы. Монополиянын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылуу м-н Б. шайлоо учурунда өздөрүнүн кандидаттарынын жеңип чыгышын камсыз кылуу үчүн ар кандай амал-айлаларды жасайт.

БОСТЕРИ—Ысык-Көл обл-нын Ысык-Көл р-нундагы Чолпон-Ата поссоветине караштуу кыштак. Ысык-Көлдүн түн. жээгинде, № 54 мамл. асыл тукум жылкы з-дунун аймагында, р-ндун борбору Чолпон-Атадан 8 *км* чыг. тарапта, Рыбачье — Пржевальск шоссе жолунун боюнда. Рыбачье т. ж. станциясынан 88 *км*. Калкы 2920 (1972). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БОСТОН — АКШнын түн.-батышындагы шаар. Массачусетс штатынын админ. борбору. Атлантика океанындагы Массачусетс булуңуна Чарльз дсы куйган жерде. Калкы 630 миң (шаар айланасы м-н 2,7 млн., 1969). Б.— өлкөнүн башкы экономикалык, соода ж-а маданий борборлорунан. Машина ж-а ири кеме куруу, химия, резина, полиграфия, тамак-аш ө. ж-ы өнүккөн. Б-до ж-а ага жуук шаарчаларда Гарвард ун-ти, Массачусетс технол. ин-ту, Көркөм искусство музейи бар.

БОСТОН — Ош обл-нын Сузак р-ндундагы Кызыл-Туу сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун борбору. Р-ндун борбору Сузактан 10 *км* түн.-бат. тарапта, Жалал-Абад ш-нан 9 *км*. Калкы 1249 (1974). Орто мектеп (интернат), клуб, медпункт бар.

БОСТОН — Ош обл-нын Араван р-ндундагы Төбө-Коргон сельсоветине караштуу кыштак. Түш. Фергана каналынын бат. жээгинде. «Жаны-Жол» к-зунун аймагында. Р-ндун борборунан 16—17 *км* түн.-бат. тарапта, Ош т. ж. станциясынан 44 *км*. Калкы 528 (1971). Орто мектеп, медпункт бар.

БОСТОН — Ош обл-нын Өзгөн р-ндундагы Төрт-Күл сельсоветине караштуу кыштак. Ал 15—16-к-да пайда болгон. «Өзгөн» с-зунун аймагында, р-ндун борборунан 18 *км* түн.-бат. тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 68 *км*. Калкы 751 (1974). Башталгыч мектеп бар.

БОСТОН — Ош обл-нын Ленин р-ндундагы Хилл сельсоветине караштуу кыштак. Калинин атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 23 *км* түш.-чыг. тарапта. Кокон-Кыштак т. ж. станциясынан 15 *км*. Калкы 929 (1974). Пахта кабыл алуучу пункту бар.

БОСФОР — Европа м-н К. Азия ж. а-нын ортосундагы кысык. Кара ж-а Мрамор деңиздерин кошуп турат. Уз. 30 *км*, туурасы 750—3700 *м*. Жээктери бийик ж-а тик, кеме жүрө турган жеринин фарватердеги тереңд. 33—80 *м*. Үстүнкү агымы түндүктөн түштүккө, түпкү агымы түштүктөн түндүккө карай агат. Табигый гавандары бар, алардын ичинен эң ыңгайлуусу — Золотой Рог (Европа тарабында). Кысыктын өйүз-бүйүзүн Стамбул ш. ээлейт.

БОТАЛИЕВ Аширалы (21. 5. 1906-ж. т., Чүй р-ну, Сын-Таш кыш.) — опералык ж-а драмалык актёр, кыргыз театр өнөрүн баштоочулардын бири, Кыргыз ССР эл артисти (1939). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей үйбүлөсүндө туулган. Байларга жалчы болуп жүрүп, 1921-ж. Токмоктогу балдар үйүнө кирген. 1926—30-ж. Кыргыз театр студиясында окуган; 1930—34-ж. Кыргыз мамл. театрынын, 1934—42-ж. Кыргыз муз. драма театрынын, 1942—52-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрынын солисти, 1952-жылдан бери Кыргыз мамл. драма театрынын артисти. Б. театр студиясында окуп жүргөндө эле «Кайгылуу Какейде» (1927) Күйөө жолдоштун, «Козголондо» (1929) Чеусовдун, «Тобурчакта» (1931) Элчибектин ролун аткарган. Ал Искендердин образын («Ажал ордуна», 1935) түзүү м-н коомчулукка кеңири таанылды. Кыргыз профессионал артисттеринин ичинен биринчи болуп Кыргыз ССРинин эмг. сиңд. артисти наамын алган (1935). Б. Кыргыз муз. драма театрында Акматын («Карачач», 1936), Жапардын («Алтын кыз», 1937), Аскердин (У. Гажибеков, «Аршин мал алан», 1940) ролдорун аткарган; Фрунзенин (В. Власов, В. Фере, «Эл бактысы үчүн», 1940), Батырбектин (В. Власов, В. Фере, А. Малдыбаев, «Патриоттор», 1941), Онегиндин (П. Чайковский, «Евгений Онегин», 1942), Таздын (М. Раухвергер, «Көкүл», 1942) партияларын ырдаган. Б. согуштан кийин аткарган көп сандаган ролдордун көрүнүктүүлөрү: «Көл боюнда» (1950) операсындагы Жапар, Кыргыз мамл. драма театрында В. И. Ленин («Мылтыкчан киши», 1952; «Бийик жерде», 1953), Тихон (А. Островский, «Добул», 1958), Боромбай («Өлбөстүн уронү», 1964), Батиста (У. Шекспир, «Азоого чалма», 1966) ж. б. Б. режиссёр катары К. Эшмамбетовдун «Эгиз бала» (1957), К. Жантөшевдин «Биздин эне» (1961) деген пьесаларын ж. б. спектаклдерди койгон. Ал Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, бир нече медаль м-н сыйланган.



А. Боталиев.

Ад.: Львов Н. И., Киргизский театр, М., 1953.

БОТАНИКА (гр. bótanē — чөп, өсүмдүк) — өсүмдүктөр ж-дегү илим. Б. көп тармактуу чөп проблемаларды: өсүмдүктөрдүн сыртқы, ички түзүлүштөрүн (морфология ж-а анатомия), систематикасын, геол. убакыт ичинде өнүгүшүн (эвол.), тектештик байланыштарын (филогения), өткөн ж-а азыркы замандагы таралыш закон ченемин (өсүмдүктөрдүн география сы), чөйрө м-н өз ара байланышын (экология), өсүмдүктөр жамаатынын түзүлүшүн (фитоценология же геоботаника), өсүмдүктөрдү эл чарбасында пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн ж-а жолун (экон. ботаника) изилдөөнү камтыйт. Изилденүүчү объекттерине карата Б. альгология — балырлар ж-дегү, микология — козу карындар, лихенология — эңилчектер, бриология — мохтор ж-дегү ж. б. илимдерге бөлүнөт. Өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү жөнөкөй түзүлүштүү микроскоптук (өтө майда) организмдерди—микробиология, өсүмдүктөрдүн илдеттерин фитопатология изилдейт.

Б-нын негизги тармактарынын бири — өсүмдүктөрдүн систематикасы. Өсүмдүктөрдү тектеш (филогения) топторго — таксондорго бөлүп, номенклатуралык аттарын системага салат. Кандайдыр бир аймактагы өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн составын (флорасын) изилдөөчү илим — флористика, алардын таралган аймактарын (ареал) аныктоочу илим хорология деп аталат. Жеке (онтогенез) ж-а тарыхый (филогенез) өөрчүү процессиндеги өсүмдүктөрдүн түзүлүшүн, форма пайда кылуу закон ченемин *өсүмдүктөрдүн морфологиясы* изилдейт. Ал систематика м-н тыгыз байланышта. Өсүмдүктөрдө өтүүчү физиол. ж-а биохим. процесстерди өсүмдүктөрдүн физиологиясы м-н биохимиясы изилдейт. Б-нын жогоруда айтылган тармактары бири бирине тыгыз байланышта, методдору да көп убакта окшош келип, алынган маалыматтар өз ара пайдаланылат. Б. геология, химия, физ. география ж. б. илимдер м-н тыгыз байланыштуу. Ал а. ч-нын, токой чарбасынын, тамеки-аш, текстиль, целлюлоза, жыгач иштетүү ө. ж-ларынын көп маселелерин чечүүдө пайдаланылат. Анын маанилүү милдети — адам жашап турган чөйрөнү— *биосфераны*, баарыдан мурда өсүмдүктөр дүйнөсүн — фитосфераны коргоо ж-а алардын өнүгүшүн изилдөө.

Б. өсүмдүктөр ж-дегү илимдин системасы катары 17—18-к-да пайда болгон. Өсүмдүктөрдүн пайдалуулугу м-н катар, аларды даректарга, баадаларга ж-а чөптөргө бөлүп, сүрөттөн жазылган 1-китептер Аристотелге, Теофрастка таандык. Швейц. ботаниги Каспар Баугин *бинардык номенклатураны* түзгөн. Өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн аталышындагы мындай иретти кийин К. *Линней* закондоштурган. 18-к-да Россияда (Петербургда) Петр I түзгөн ИАда алгачкы бот. коллекциялар топтолгон; 1714-ж. Аптекалык огород (кийинки Бот. бак ж-а Бот. ин-т) уюштурулган. 19-к-да Ч. *Дарвиндин* эвол. теориясы Б-нын өнүгүшүнө чечүүчү таасир тийгизип, организмдердин филогенет. системасын түзүүгө негиз салган. Н. И. *Вавиловдун* айдама өсүмдүктөрдүн келип чыгышынын борборлору ж-а алардын тукум куучулук белгисинин геогр. болүнүшүнүн закон ченеми

ж-догу окуусу (1926—27) дүйн. илимде зор мааниге ээ болду. Азыр электрондук микроскопту пайдалануунун натыйжасында клетканын түзүлүшү ж-а функциясы б-ча жаңы маалыматтар алынып, Б-нын тармактарындагы изилдөөлөр өркүндөтүлдү.

СССРдеги негизги бот. мекемелер: СССР ИАнын В. Л. *Комаров атн. Ботаникалык институту* (Ленинград), К. А. *Тимирязев атн. өсүмдүктөрдүн физиологиялык институту* (Москва), А. Н. Бах атн. Биохимия ин-ту (Москва), ар респ-ка ИАсында атайын бот. изилдөөлөр жүргүзүлүүчү ин-ттар, бөлүмдөр. Бул ил. мекемелердин бардыгында атайын лабораториялар, тажрыйба станциялары ж-а эксперименттик базалар түзүлгөн. Айрымдарында гербарийлер топтолгон. Сов. ботаниктер *Бүткүл союздук Ботаникалык коомго,* жаратылышты изилдөөнүн Москвалык коомуна, СССРдин Геогр. коомуна ж. б. биригишкен. СССР ИАнын Жалпы биол. бөлүмүнө караштуу флораны ж-а өсүмдүктүүлүктү изилдөө, биогеоценология, өсүмдүктөрдү интродукциялоо ж-а акклиматташтыруу б-ча атайын проблемалык совет иштейт. Б. б-ча изилдөөлөрдүн жыйынтыктары СССРде «Ботанический журнал» ж. б. журналдарда, монографияларда, жыйнактарда жарыяланып турат. Сов. ботаниктер чет өлкөлүк коомдордун иштерине ж-а аларда уюштурулган конф-яларга, симпозиумдарга, съезддерге катышышат.

1928-ж. Кыргыз АССРинин Жерге орноштуруу башкармасына караштуу «Топурактык-ботаникалык бюро» деген туңгуч бот. мекеме уюштурулуп, анда бот. изилдөөлөр жүргүзүлө баштаган. 1943-ж. СССР ИАнын Кырг-ндагы филиалы ачылып, андан кийин Биологиялык ин-т уюшулат да, И. В. *Выходцев* м-н Е. В. *Никитинанын* жетекчилиги астында геоботан. ж-а флористикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп, респ-калык гербарий түзүлгөн. *Таталаа түзүлүштүү* өсүмдүктөрдүн 3500 дөн ашуун түрүн камтыган 11 томдон турган «Кыргыз ССРинин флорасы» жарыкка чыкты (1952—65). Азыр Б-лык изилдөөлөр *Кыргыз ССР ИАнын Биохимия ж-а физиология институтунда, Биология институтунда,* Токой бөлүмүндө, *Ботаникалык багында,* о. эле респ-канын жог. окуу жайларында жүргүзүлүп жатат.

Ад.: Жуковский П. М., Ботаника, 4 изд., М., 1964; Флора Киргизской ССР, Фр., 1970; Популярный определитель растений Киргизии. Сб. ст., Фр., 1972; Левин В. Л., Справочное пособие по библиографии для биологов, М.—Л., 1960, гл. 7.

БОТАНИКАЛЫК БАКТАР — өсүмдүктөрдү эгип өстүрүүчү ж-а изилдөөчү, ботан. билимдерди элге таратуучу ил. из., окуу-тажрыйба ж-а маданий-агартуу мекемелери. Б. б. көбүнчө изилдөө жумуштардан ж-а экспозициялларды түзүүдө пайдаланылуучу ачык жерлерден, оранжереяларда өстүрүлүүчү өсүмдүктөр коллекцияларынан турат. Мындай бактардын көпчүлүгүндө дарак, мөмө-жемиш, дары-дармек, гүл өсүмдүктөр өстүрүлүүчү участоктор болуп, ири Б. б-да 20—30 миңге чейинки өсүмдүктүн түрү өстүрүлөт. Негизги милдети — өсүмдүктөрдүн жаңы, баалуу формаларынын түрлөрүн таап, аларды чарбада өстүрүүгө багыт берүү. Тарыхый жактан Б. б. 1-ил. ботан. борбор болгон. Алардын кыйласы ботаниканын бир катар бөлүмдөрү б-ча изилдөө иштерин жүргүзүүчү комплекстик ин-ттар болсо, айрымдары аткарган милдеттерине же коюлган темасына жараша адистештирилип, ил. мекемелерге айландырылган. Биринчи Б. б. 14-к-да Италияда негизделген. Россияда баштапкы Б. б. катарында Москвадагы (1706), Петербургдагы (1714, 1823-жылдан Императордук Б. б.) Аптека огороддору эсептелген. Анда адегенде дары-дармек өсүмдүктөрү гана болсо, кийин Россиянын ар кайсы р-ндорунан, чет өлкөлөрдөн алынып келген өсүмдүктүн жапайы ж-а айдама түрлөрү өстүрүлө баштаган. СССРде 100 дөн ашуун Б. б. (1974) бар. Алардын ишин СССР Ботан. бактар совети координациялайт. СССРдеги Б. б. өсүмдүктөрдү өстүрүүдө, алардын баштапкы формасынын генотиптик түрдүүлүгүнө, селекциясына, жаңы табылган өсүмдүктөрдүн агротехникасынын системасын иштеп чыгуу маселелерине айрыкча көңүл бурат. Азыркы мезгилдеги айдалып жүргөн чай плантациясы, цитрустар, токойлорду, парктарды көркүнө келтирип турган кооз өсүмдүктөрдүн көпчүлүгү — Б. б-дын жемиштүү эмгегинин натыйжасы. Кырг-нда Б. бак 1-жолу 1938-ж. Фрунзе ш-ында уюштурулган. Азыр ал Кыргыз ССР ИАнын карамагындагы өзүнчө ил. из. мекеме. Бакта 5 миңден ашык өсүмдүктүн түрү өстүрүлүүдө. Алардын арасында сейрек кездешүүчү гинкго, метесеквоя, микробиота, акация, кызыл карагай, четин, карагат, ак чечек, ит мурун, эмен, мандалак, чекилдектердин көптөгөн түрлөрү да бар. Бакта Кырг-н ж-а О. Азиянын аймагында өскөн өсүмдүктөрдүн 600гө жакын түрү чогултулган. Жоголуп бара жаткан алма четин, катырацкы, жылан жийде, асамуса, боз кемпир, жапайы жүзүм сыяктуулар өстүрүлүп жатат. Азыркы кезде бак чет өлкөлүк 41 мамлекеттин 160тан ашык багы м-н байланышта. Фрунзеде КМУнун окуу ишине байланышкан. Б. б. да бар.

Ад.: Биология некоторых древесных, кустарниковых растений, Фр., 1971; Ахматов К. А., Методы определения зимостойкости древесных растений. Фр., 1968; Основы плодоводства Киргизстана. Под. ред. Е. З. Гареева, 3 изд., Фр., 1971.

БОТАНИКАЛЫК ГЕОГРАФИЯ — өсүмдүктүүлүктү геогр. ландшафттын составдык бөлүгү катарында изилдөөчү илим. Мазмуну жагынан Б. г. *геоботаникага* жакын.

БОТАНИКАЛЫК ЖУРНАЛДАР Европа м-н Америка өлкөлөрүнүн дээрлик бардыгында, Азия, Африканын көпчүлүк өлкөлөрүндө басылат. СССРде төмөнкүдөй Б. ж. бар: «Ботанический журнал» — СССР ИАнын алдындагы Бүткүл союздук ботан. коомдун ай сайын чыга турган ил. журналы. Журнал өлкөбүздөгү ботаниканын өнүгүшүндө чоң роль ойноду. Ал 1916-жылдан Ленинградда чыгат. Анда ботаниканын бардык тармактары б-ча ил. макалалар, обзорлор, рецензиялар, таржымалдык, хроникалык материалдар басылып турат. «Ботанічній журнал АН УССР» деген Б. ж. (украин тилинде) Киевден жылына 6 жолу чыгат. Ботаниканын айрым тармактары б-ча адистешкен Б. ж-га «Физиология растений» (М., жылына 6 жолу), «Растительные ресурсы» (М.—Л., жылына 4 жолу), «Лесоведение» (М., жылына 6 жолу), «Микология и физиология» (Л., жылына 6 жолу), «Физиология и биохимия культурных растений» (К., жылына 6 жолу) ж. б. кирет.

БОТБАЕВ Махмуд [1898-ж. т., Кетмен-Төбө (азыркы Токтогул р-ну), Ак-Чий-Кара-Суу айылы] — Кырг-ндын сов. ж-а парт. ишмери. 1920-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 14 жашынан байларга жалданып иштеген. 1919-ж. басмачыларга каршы күрөшкө катышкан. 1920-ж. Ташкенде мугалимдик курсту бүтүрүп, окутуучу болгон, Кетмен-Төбө өрөөнүндө 1-жолу уюшулган райондук парт. ячейканын секретары болуп иштеген. О. Азиянын терр-ясын улуттук-мамл. бөлүү учурунда Кырг-н обл. партбюросунун, облревкомдун составына кирген. 1925-жылдан партиялык-сов. чарб. кызматтарда иштеген. 1957-жылдан респ-калык маанидеги персоналдуу пенсияда.

БОТВИННИК Михаил Моисеевич [4(17). 8. 1911-ж. т.]—сов. шахматист, профессор, тех. илимд. доктору (1951), 1940-жылдан КПССтин мүчөсү, СССРдин гроссмейстери (1935), эл аралык гроссмейстер (1950), СССРдин эмгек сиңирген спортсмени (1945). Дүйнөнүн чемпиону (1948—57, 1958—60- ж-а 1961—63). Шахмат теориясынын новатору ж-а шахмат б-ча бир нече эмгектин автору. Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

М. Ботвинник ж-а Кырг-ндын шахмат боюнча чемпиону Б. Самаганова. Фрунзе, 1972-ж. ноябрь.



Чыг.: Алгоритм игры в шахматы, М., 1968.

БОТЕВ Христо (6. 1. 1849—1. 6. 1876) — болгар акыны, революционер-демократы, публицисти. 1863—65-ж. Одессадагы гимназияда окуп, ал жерге айдалып келген Польшадагы көтөрүлүштүн (1863) катышуучулары м-н жакындашат; орус рев-лык демократтарынын идеялары м-н таанышат; болгар улуттук-бошт. кыймылына катыша баштайт. Б-дин акындык чыгыгы ушул жылдарда башталат. Ал «Гайдуктар» поэмасы, «Элегия», «Күрөш», «Хажи Димитр» ж. б. ырлары, ондогон публицистикалык ж-а сын макалалары м-н таанылат. Б.— болгар адабий сынына негиз салгандардын бири. Анын эстетиканын айрым маселелери, ад-т м-н иск-вонун коомдук ролу ж-дө айткандары болгар адтында реализмдин бекемделишине оболго түзгөн. Б. Париж Коммунасын жактап, 1-Интернационалдын ишин кубаттаган, К. Маркстын эмгектери м-н таанып болгон. Түрктөрдүн эзүүсүнө каршы көтөрүлүшчүлөр отрядын уюштуруп (1876), Вол тоосунда түрк аскерлери м-н салгылашууда курман болгон. Б.— болгар элинин улуттук баатыры.

Ад.: Шептунов И. М., Христо Ботев, в кн.: Очерки истории болгарской литературы XIX—XX вв., М., 1959.

БОТКИН Сергей Петрович [5(17). 9. 1832—12(24). 12. 1889] — орус врач-терапевти, клиникалык медицинадагы физиол. багыттын негиздөөчүсү, коомдук ишмер. Б. Москва ун-тинин мед. ф-тетин 1855-ж. бүтүргөн. Петербургдагы Медико-хирургия академиясынын терапия клиникасынын проф. (1861). Н. И. Пироговдун отряды м-н Крым кампаниясына катышкан (1885), орус-түрк согушунда (1877) 7 айга жакын Балкан фронтунда болгон. Б. Россияда биринчилерден болуп дары заттардын фармакологиялык ж-а физиол. таасирин изилдөөчү эксперименттик лабораторияны түзгөн. Организмдеги патологиялык процесстердин (толтонун аневризми, бөйрөктүн оорусу, теринин трофикалык өзгөрүүлөрүн ж. б.) пайда болушун изилдеген. Тарыхта биринчи болуп ооруларды акысыз дарылоо үчүн өз клиникасынын алдында амбулатория ачкан (1861). Россияда акысыз оорукананы (азыркы С. П. Боткин атн.) биринчи жолу (1880) уюштурган.

БОТКИН ООРУСУ, жугуштуу сарык — вирус микробунун таасиринен пайда болуучу жугуштуу боор оорусу. 1888-ж. С. П. *Боткин* бул оорунун жугуштуу экенин айткан. Б. о.— көп таралган оорулардын бири. Бул ooругa бардык жаштагы адамдар, көбүнчө балдар чалдыгат. Оорунун пайда болушуна тазалыктын жоктугу, өздүк гигиенаны сактабоо ж-а элдин жыштыгы себеп болот. Б. о-н жугузучу булак — оорулуу адам. Анын бөлүп чыгарган микробдору айлана-чөйрөнү (суу, тамак-аш, буюмдар, кол) булгайт. Вирустар соо адамдын организмине негизинен тамак-аш, теринин сыйрылган жери аркылуу түздөн-түз канга ж-а начар зыянсыздандырылган шприц м-н ийне сайганда, айрыкча Б. о. м-н ооруган донорлордон алынган канды же плазманы куйганда ж-а аба аркылуу жугушу мүмкүн. Оорунун инкубациялык мезгили 3—4 жума, кээде 11 айга чейин созулат. Оору кишинин тамак ичкиси келбей, алы кетет, заарасы саргарат, кээде ичи ооруйт, чыйрыгып, эти ысыйт. Кары кишилердин муундары сыздайт. Оору күчөп турган мезгилде көздүн агы, териси саргарып, боор ж-а көк боор чоңоёт. Ооруган адам оорукананада бир айга жакын дарыланат. Диетаны сактап, витаминдүү, углевод, белок заттарга бай тамак-аш жеп, суусунду (жемиш ширеси, глюкоза, бал кошулган суу) көп ичүү талапка ылайык. Куурулган ж-а туздуу тамак, ичкилик ичүүгө болбойт. Оору катуулаганда, венага глюкозанын эритмесин, кан, плазма куюу зарыл. Өттүн сезгениши байкалган учурда гана антибиотиктер берилет. Ооруп айыккан адам 6 айга чейин диспансердик байкоодо жүрөт. Б. о-нун алдын алууда ооруп калган кишини эрте оорукананага алып, балдар коллективин 50 күнгө чейин карантинге жабуу, турак жайда дезинфекция жүргүзүү, ич кийим, сүлгү, шейшепти, идиш-аяктарды кайнатуу, мед. аспаптарды ж-а шприцтерди көпкө стерилдөө керек.

Ад.: Мясников А. Л., Болезни печени и желчных путей, М., 1956; Угрюмов Б. Л., Инфекционный гепатит (болезнь Боткина), М., 1966.

БОТКО — күрүчтөн, таруудан, конок-тон, арпадан, жүгөрүнүн акшагынан жасалуучу коюу тамак (кыргыз, казак элдеринин улуттук тамак-аштарынын бири). Ынак сүткө жасалган күрүч Б. ширин күрүч деп аталат. Азыркы учурда Б-нун булардан башка да акталган ар кайсы дандан жасалган түрлөрү бар.

БОТНИЯ БУЛУҢУ (Швециянын тарыхый провинциясы Ботниянын атынан) — Балтика деңизинин Швеция м-н Финляндия аралыгындагы түн. бөлүгү. Уз. 668 *км*, туурасынын өтө жазы жери 240 *км*. Аянты 117 миң $км^2$. Эң терең жери түндүктө 112 *м*, түштүгүндө 290 *м*. Суунун темп-расы февралда 0°Сге жакын, августта 12—13°С. Туздуулугу түндүгүндө 1—3‰, түштүгүндө 4—5‰. Негизги порттору: Лулео, Умео (Швеция), Васа, Оулу (Улеаборг), Пори (Финляндия).

БОТО — төөнүн бир жашка чейинки баласы. Б. мажүрөө келип, тайлак болгуча энесин эмет да, көч отугат. Туулгандагы салм. 35—45 *кг*, айрым учурда 60 *кг*.

БОТО КӨЗ (Myosotis) — өсүмдүктүн эндиктер тукумунун уруусу. Бир, эки же көп жылдык чөп. Жалбырактары жөнөкөй, сабагына кезектешип жайгашкан. Гүлү агыш же кочкул көк. Гүл коргону 5 мүчөлүү. Мөмөсү—жаңгакча. Анын жер шарынын түн. мелүүн алкагында 40ка жакын түрү белгилүү. СССРде 26, анын 5 түрү Кырг-нда бар, алар бийик тоолордогу шалбааларда, саздарда өсөт. Жыттуу Б. к. кеңири таралган.



С. П. Боткин.

«БОТОЙ» — комузчулардын чыг-лыгында кеңири өнүккөн салт күү. Б. комуздун жоон мойнунан кайрылып чертилет. Бул күү ботосу өлгөн төө ж-дөгү уламадан чыккан. Улам жаңы үлгү, түрлөрү жарала берип, акырында салт күүгө айланган. Аларга «Чоң», «Кичине», «Кыл чоймо», «Сал моюн» ж. б. жардамчы эпитеттер же күүнү чыгарган автордун ысмы кошулуп айтылат. Мис., «Токтогулдун ботою», «Муратаалынын ботою» ж. б.

БОТРИОМИКОЗ (гр. bόrys — бүртүк ж-а mýkēs — грибок) — малдын жугуштуу өнөкөт ылаңы. Бул дартка көбүнчө жылкы, кээде уй, кой, чочко чалдыгат. Жылкыда бычуу мезгилинде арбын байкалат. Дартка чалдыккан мал ишке жарабай калат, дарт өтүшүп кетсе, өлөт. Дарттын козгогучу — Botryomyces ascoformans грибогу. Ал жарат аркылуу организмге кирет да, ал жерди сезгендирип, кабылдатып, шиштип, ириңдетип жиберет. Мындай жерди ысык темир м-н кайрып же хирург. жол м-н айыктырат.

БОТСВАНА, Ботсвана Республикасы — Түш. Африкадагы мамлекет. Брит. Ынтымактын мүчөсү. 1966-жылга чейин Бечуаналенд аталган. Түштүгүнөн Түш. Афр. Респ-касы, бат. ж-а түндүгүнөн Намибия (Түш.-Бат. Африка) ж-а Замбия, чыгышынан Түш. Родезия м-н чектешет. Аянты 600 миң $км^2$. Калкы 670 миң (1972). Борбору—Габороне ш. Адмн. жагынан округдарга бөлүнөт.



Мамлекеттик түзүлүшү. Б.— респ-ка. Азыркы Конституциясын 1966-ж. Б-нын парламенти эмес, Улуу Британиянын өкмөтү кабыл алган. Конституция б-ча мамлекет ж-а өкмөт башчысы — президент. Ал 5 жылга шайланат. Анын укугу кеңири: куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысын, вице-президентти ж-а министрлерди дайындайт, Парламентти, улуттук чогулушту чакырат, таратат. Жог. закон чыгаруучу бийлиги — парламент, ал президенттен, бир палатадан ж-а Ген. прокурордон турат. Б-нын өкмөтү — министрлер кабинети, ал президенттен, вице-президенттен, 6дан кем эмес министрден турат. Б-да 15 кишиден турган консультативдик орган — Жетекчилер палатасы бар. Округдарда жерг. башкаруу органда-

ры — шайлануучу округдук советтер, шаарларда — шаардык советтер. Б-ның сот системасын жерг. соттор түзөт. Мамл. желегин ж-а гербин, к. *Мамлекеттик желек, Мамлекеттик герб* макаласынын таблицасынан.

Табияты. Б. Калахари ойдуңун ж-а анын айланасындагы платолорду ээлеп жатат. Климаты субтропиктик, түндүгүндө тропиктик. Январдын орт. темп-расы 21—27°С, июлда 16°Сге жакын. Жылдык жаан-чачыны 500—600 *мм*. Өлкөнүн чыг. бөлүгүнүн кыртышы кызыл күрөң келип, анда саванна басымдуу. Жаныбарлар дүйнөсүнө бай: арстан, жолборс, илбирс, чөө, гиена, зебра, антилопалар, кескелдирик, жыландар ж. б.

Калкы. Б-ның калкынын көбү — бечуандар (80%). Калахари ойдуңунда ж-а Окаванго д-нын дельтасында бушмендер жашайт. Мамл. тили — англис тили. Ири шаарлары: Канье, Серове, Молепололе ж. б.

Экономикасы. Б.—экон. жактан арта калган өлкө. Экономикасынын башкы тармагы — мал чарбачылыгы. 1971-ж. 1,5 млн. уй, 1,4 млн. кой-эчки болгон, анда жылкы, эшек, качыр да багылат. Б-ның чыг. ж-а түш. р-ндорунда гана дан эгиндери (жүгөрү, буудай) эгилет. Ө. ж. начар өнүккөн. Кен байлыктарынан таш көмүр, марганец, асбест, алмаз казылып алынат (чет өлкө капиталынын карамагында). Б. аркылуу Түш. Афр. Респ-касынан Түш. Родезияга т. ж. өтөт (анын Б. аймагындагы уз. 634 *км*). Унаа-автомоб. жолунун уз. 8 миң *км*. Канье, Молепололе, Габороне ж. б-да аэропорттору бар. Сыртка мал чарба продукциясы, марганец рудасы чыгарылып, ичке азык-түлүк, о. ж. товарлары алып келинет. Сырткы соодасы, көбүнчө Түш. Афр. Респ-касы м-н жүргүзүлөт.

Тарыхый очерки. Б-ның 19-к-га чейинки тарыхы начар изилденген. Чыгыштан келген бечуандар Калахари чөлүнө сүрүп таштаган бушмендер — өлкөнүн жергиликтүү калкы. 19-к-дын башында Б-га европалыктар келе баштаган. 1885-ж. Англия өкмөтү бечуандардын түндүктөгү жерлерин (азыркы Б. терр-ясы) өз протектораты деп жарыялап, аны Бечуаналенд деп атайт. 1910-ж. Түш. Афр. Союзу деп аталган Британия доминиону түзүлгөндө, Бечуаналенд ага көз каранды болуп калат. 2-дүйн. согуштан кийин Африкадагы улуттук-бошт. кыймылдын күчөшү Б-ның жерг. калкынын антиколон. умтулууларына зор таасир тийгизди. 1960-ж. өлкөдө түңгуч саясий партия— Элдик партия негизделип, ал Бечуаналендге көз каранды эместик берүү талабын коёт. 1961—65-ж. башка партиялар, асыресе кийинчерээк башкаруучу партияга айланган Демокр. партия түзүлөт. 1965-ж. бул протекторатка өзүн өзү башкаруу укугу берилет, 1966-ж. 30-сентябрда Бечуаналенд көз каранды эмес Б. Респ-касы деп жарыланып, Брит. Ынтымактын составында кала берет. 1966-ж. 17-октябрда Б. ООНго кабыл алынат. Б. өкмөтүнүн ички саясаты — көп расалуу демокр. коомду түзүү, тышкы саясаты— Африкадагы көз каранды эмес башка мамлекеттер м-н достук мамиледе болуу. 1970-ж. Б. өкмөтү СССР м-н дипл. мамиле түзгөн.

Эл агартуу. Б. Респ-касында агартуу ишине Билим берүү мин-восу жетекчилик кылат. Жалпыга милдеттүү окуу закону жок. Башталгыч 7 жылдык мектепке 6 жаштан кабыл алынат. Окуучулар 5-класска чейин чуан тилинде, 5-класстан англис тилинде окушат. Башталгыч мектептердин мугалимдерин Лобаци ш-ндагы пед. колледж даярдайт. Орто мектептердин мугалимдери көбүнчө Түш. Афр. Респ-касынан келет. Б-да жог. окуу жайы жок.

Басма сөз, радио уктуруу. Колон. мезгилде өлкөнүн бир да газета, журналы болгон эмес. 1970-жылдан күнүгө мамл. официалдуу бюллетень — «Ботсвана дейли ньюс» (чуан ж-а англис тилинде), Демокр. партиянын органы— «Тересаньо» (чуан ж-а англис), Информ. мин-восунун органы «Кутлуано» (чуан) жума сайын, Элдик партия органы «Маса» (чуан), Элдик фронт партиясынын органы—«Пуо паа» (чуан, англис) чыгат. Радио уктуруу (1966) чуан ж-а англис тилинде.

Искусствосу. Б-да жыгачты оймо-чиймелеп кооздоо өнүккөн. Үй эмеректерин арыкыл геом. оймо-чийме м-н кооздоо, сабына адамдын ж-а айбандардын селокөттөрү түшүрүлгөн кашыктарды жасоо кеңири тараган. Жез, темир зымдардан билерик жасашат. Салтка айланган турак жайы— үстү саман ж-а камыш м-н жабылган, терезеси жок тегерек алачыктар.

Ад.: Новейшая история Африки, 2 изд., М., 1968; Потехин И. И., Формирование национальной общности южноафриканских банту, М., 1955 (Тр. ин-та этнографии им. Н. Н. Миклухо-Маклая АН СССР, т. 29).

БОТТИЧЕЛЛИ (чын аты-жөнү — Алессандро ди Мариано Филипепи) Сандро (1445—1510) — итал. сүрөтчү. Флоренция мектебинин при өкүлдөрүнөн. Б. сүрөт өнөрүнө *Кайра жаралуу* доорунун алгачкы учурунун типтүү өкүлү катары кирген. 1465—66-ж. белгилүү өнөрпоз Филиппо Липпиден окуган. Б-нин алгачкы чыг-лыгына мейкиндикти ачык түстө түзө билүү, жарык шаңын так берүү, турмуштук деталдарды түшүрүүгө умтулуу мүнөздүү («Сыйкырчылардын сыйынышы», 1470, Лондон, Улуттук гал.). Айрым чыгармаларында



С. Боттичелли. Жаз. Фрагмент.

(«Күч», 1470, Флоренциядагы Уффици гал.; «Ыйык Себастьян», 1474, Берлин-Далемдеги сүрөт гал.) сүрөттүүлөр А. Верроккьо м-н А. Поллайолонун таасири ачык байкалат. Портретчи катары Б. курч мүнөз түзүүгө, адамдын ички сезимдерин айкын ачууга чебер. Мис., Жулиано Медичинин портрети (1470, Бергамодогу Каррара академиясындагы гал.) ж. б. 15-к-да Италиядагы иск-вонун эң сонун салттарына каныккан Б-нин чыг-лыгы ошол мезгилдеги Флоренциянын рухий турмушундагы карама-каршылыкты терең чагылдырган.

Ад.: Гращенков В., Сандро Боттичелли, М., 1960; Боттичелли, Сб. материалов о творчестве. Пер. с франц., англ. и итал., М., 1962.

БОТУЛИЗМ (лат. botulus — колбаса) — анаэроб бактерияларынан ж-а алар бөлүп чыгарган уудан (токсинден) пайда болуучу катуу кармаган, жугуштуу, ууландыруучу оору. Б. тамак-аштан ууланууну инфекциясынын тобуна кирет. Оорунун клостридий бацилласы козгойт. Б-дин козгогучунун нерв системасын бузуп, ар бири өзүнө тиешелүү уу заттарды (экзотоксиндерди) бөлүп чыгаруучу 6 түрү (A, B, C, Д, E, F) бар. Б. адамга тамак-аш продуктулары аркылуу жугат. Начар сан. шартта даярдалган эт, балык ж-а туура эмес консерваланган жер-жемиш, жашылча, козу карындарда Б-дин таякчалары сакталып калат. Ичегилерге сиңген уу (экзотоксин) кан аркылуу баш сөөкмээ нервдеринин ядролорун ж-а жүректүн нерв түйүндөрүн бузат. Б-дин 1-белгилери 2 саатта же 10 суткада билинө баштайт. Оору башталганда адам алдан тайып, бат-бат кусуп, ичи коон, заңы катат, 3—4 саат өткөндө башы айланып, көш кабат ж-а бүдөмүк көрүп, көздөрү кыйшалт. Оозу курган суусайт, тамак жутканы кыйындап, дем алуусу бузулат. Үнү акырын чыгып, булдураң сүйлөйт. Кээде карышат. Оору 4—8 күнгө созулат. Оорунун башталышында 5% соода м-н ичеги-карынды жуун, ичи ала турган дарыларды берүү керек. Ууга каршы сыворотка (30 000—50 000 А, Е), стрихнин ж. б. дарылар күчүлат. Алдын алууда азык-түлүк мекемелеринде сан. эрежени сактоо ж-а консервалоо иштерин туура уюштуруу зарыл.

БОФОРТ ДЕҢИЗИ — Түн. Муз океанындагы четки деңиз. Түн. Америкасынын жээгинде, Барроу тумшугу м-н Банкс ж-а Принс-Патрик а-дарынын ортосунда жайгашкан. Аянты 476 миң *км*². Орт. тереңд. 1004 *м*, эң терең жери 4683 *м*. Жыл бою муз каптап жатат. Деңизге Макензи д-сы куят. Англ. адмирал Ф. Бофорттун ысымы м-н аталган.

БОФОРТ ШКАЛАСЫ — шамалдын ылдамдыгын (күчүн) көз болжоо м-н аныктоого арналган шарттуу шкала. Шамалдын жердеги перселерге болгон аракетине карата (түтүндүн багытына, даректардын кыймылдашына д. у. с.) же деңиз толкундарына жараша атайын балл м-н аныкталат. 1806-ж. англ. адм. Ф. Бофорт ойлоп чыгарган. Азыр деңиз навигациясында 1963-ж. Бүткүл дүйн. метеор. уюм кабыл алган Б. ш. (к. 543-беттеги таблицаны) колдонулат.

БОЦМАН — кеме экипажынын кенже командалык (АДФта старшиналык) составынын аднси; палуба командасынын түздөн-түз начальниги. Б-дын милдети: кеменин корпусун, такелажын ж-а палубанын тетиктерин жакшы кармоо, кемедеги жалпы иштерге жетекчилик кылуу, матросторду машыктыруу, кемедеги тартипке ж-а

Бофорт шкаласы боюнча жер бетиндеги шамалдын күчү
(ачык ж-а тегиз жердеги 10 *м* стандарттуу бийиктикте)

Бофорт баллы	Шамал күчүнүн оозеки аныктамасы	Шамалдын ылдамдыгы *м/сек*	Шамалдын аракети	
			кургактыкта	деңизде
0	Тым-тырс (штиль)	0 — 0,2	Тым-тырстык. Түтүн тик көтөрүлөт	Деңиз бети күзгүдей тегиз
1	Тынч	0,3— 1,5	Желдин багытын түтүндүн жогору жакта имерилишинен гана көрүүгө болот	Суу бети чыбырчыктап турат, алардын кырында көбүк болбойт
2	Жел	1,6— 3,3	Желдин болушун адам бети м-н гана сезет, жалбырактар дирилдейт, флюгер кыймылдай баштайт	Майда толкундар гана болот, алардын кырлары оодарылбайт
3	Желаргы	3,4— 5,4	Бактын жалбырактары м-н ичке бутактары дайыма термелип турат, жогорураак илинген желектер желбирейт	Майда, бирок даана көрүнө турган толкундар болуп, алардын кырлары оодарылып, анда-санда кичине ак көбүктөр пайда болот
4	Орточо	5,5— 7,9	Шамал жер бетинен чаң, кагаз учуруп, бактардын ичке бутактарын кыймылга келтирет	Толкун узарып, көпчүлүк жерде ак көбүктөр көрүнө баштайт
5	Шамал	8,0—10,7	Ичке бактар теңселе баштайт, сууда кырлуу толкундар пайда болот	Узун, бирок анчалык чоң эмес толкундар пайда болуп, бардык жерде ак көбүктөр көрүнө баштайт
6	Катуу	10,8—13,8	Бактардын жоон бутактары термелет, телеграф зымдары зуулдайт	Ири толкундар пайда боло баштайт. Алардын ак көбүктөнгөн кырлары көпчүлүк жерди ээлейт
7	Күчтүү	13,9—17,1	Бактар жалпы теңселип, шамалга каршы басуу кыйындай баштайт	Толкундар үстү-үстүнө жыйыла берет, алардын кырлары белүнүп, көбүк шамалдын багытына карай жолжол болуп жатат
	Өте күчтүү	17,2—20,7	Шамал бактын бутактарын сындырат, шамалга каршы жүрүү өте кыйындайт	Орт. бийиктиктеги узун толкундар пайда болот. Толкун кырларынын четтеринен суу чачырандылары чачырай баштайт. Көбүк тилкелери шамалдын багытына карай катар-катар болуп жатат
9	Шторм	20,8—24,4	Бир аз бүлүнүп-кыпроолор. Морлордун башындагы түтүн калпактарын, үйдүн чатырындагы черепицаларды шамал учуруп кетет	Бийик толкундар пайда болот. Шамалдын багытын карай көбүк тилкелеринин эни кеңейип, толкундун кырлары оодарылып, суу чачырандыларына айланып, алардан көрүнүмдүүлүк начарлайт.
10	Катуу шторм	24,5—28,4	Курулуштар бир топ бүлүнүп, кыйроого дуушар болот. Бактар тамыры м-н жулунуп кыйрайт. Курган-тыкта чанда гана болот	Кырлары узарып келип, төмөн карай ийилип түшүүчү өте бийик толкундар пайда болот. Толкун бетинде пайда болгон көбүктү шамал бутактантып, калың ак тилке түрүндө учура баштайт. Көбүктөн деңиз бети агарып көрүнөт. Толкундун үнү күрүлдөп, бир персени урган сыяктуу. Көрүнүмдүүлүк начарлайт.
11	Өте катуу шторм	28,5—32,6	Бир топ аймакта катуу бүлүнүп-кыйроо жүрөт. Курган-тыкта өте сейрек кездешет	Өте бийик зор толкундар пайда болот. Кичине ж-а орт. кемелер толкундан бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй калат. Деңиз бетин шамал багытына шайкеш узунунан узак созулуп жатуучу бубактанган ак көбүк каптап жатат. Көрүнүмдүүлүк начар.
12	Ураган	32,7 ж-а андан ашык	—»—	Деңиз бети ак көбүк ж-а суу чачырандысынын тилкелери м-н капталган. Көрүнүмдүүлүк өте начар.



А. А. Бочвар.



А. Т. Бочкарёва.

тазалыкка көз салуу. Ири согуш кемелеринде бир башкы Б. ж-а бир нече Б. болот.

БОЧВАР Андрей Анатольевич [26. 7 (8. 8). 1902-ж. т.] — сов. металл изилдөөчү, СССР ИАнын акад. (1946; мүчө-корр. 1939), эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1949, 1953). 1923-ж. Москва жогорку тех. окуу жайын бүтүргөн. 1924-жылдан Москвадагы жогорку окуу жайларда окутуучу. Негизги иштери түстүү металлдар м-н куймалардын кристалланышын, рекристаллданышын, кууюу каспеттерин ж-а ысыкка чыдамдуулугун, уран м-н плутонийдин металлдык каспеттерин изилдөөгө багытталган. Б. электрдик кристаллдануунун ж-а кууюу каспеттеринин теориясын түзүп, куймалардын ысыкка чыдамдуулугунун структуралык теориясын негиздеди. СССР Мамл. сыйлыктарынын (1941, 1949, 1951, 1953), Лениндик сыйлыктын (1961) лауреаты. Б. 4 Ленин ордени, башка 4 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОЧКАРЁВА Аграфена Терентьевна (1902-ж. т.) — Соц. Эмг. Баатыры (1949). Кыргыз ССР Аламүдүн р-нундагы Ленин атн. («Гигант») к-здун колхозчусу. Анын авеносу 1947-ж. 7,65 *га* аянттын ар гектарынан 692 *ц*, 3,4 *га* аянттын ар гектарынан 849 *ц* ден кант кызылчасын алып, мамлекетке өткөргөн. 1948-ж. 3,5 *га* кант кызылчасынын ар гектарынан 857 *ц* түшүм жыйнаган. Б. 2 Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БОШ КӨПТҮК, куру көптүк — бир да элементи болбогон көптүк. Эгер эки көптүктүн жалпы элементи болбосо, анда алардын кесилиши Б. к. делет. Мис., $x^2+3=0$ квадрат теңдемесинин анык тамырларынын көптүгү Б. к. болуп эсептелет.

БОШ МҮЧӨ — теңдеменин жанында белгисизи болбогон мүчөсү. Мис., $x^2-5x+4=0$, $x^2-y^2=0$ теңдемелеринин Б. м-сү 4 ж-а 0.

БОШ УБАКЫТ — адамдын коомдук милдеттүү эмгегинен тышкары убактысынын бир бөлүгү. Эмгекчилердин убактысы эки — иш убакытына ж-а иштен тышкаркы убакытка бөлүнөт. Иштен тышкаркы убакыттын үйдөгү тиричиликке, уйкуга, тамактануурга кеткенден башкасы Б. у. деп аталат. Адамдардын ар тараптан өнүгүшү, билимин көтөрүшү, коом-

дук-саясий, бала тарбиялоого, спорт иштерине катышыш, маданияттуу эс алышы Б. у. м-н байланыштуу. К. Маркс Б. у-ты адамдын эркин иш-аракети ж-а өнүгүшү үчүн зарыл байлык деп айткан. Б. у.— коомдук моралдык күчтүн, улам кайталанып турган кайра өндүрүүнүн зарыл шарты. Ал жекече мүнөзго гана эмес, коомдук маанияге да ээ, анткени ал иштеп чыгаруучу күчтөрдү өнүктүрүү ж-а эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн да, ил.-тех. прогресс үчүн да өтө керек. Булар өз кезегинде Б. у-тын өлчөмүнө ж-а мазмунуна таасир кылат. Чыг-лык эмгек, өз адистигин, билимин ж-а ил.-маданий деңгээлин көтөрүү, коомдук-саясий иш-аракеттерин кеңейтүү, иск-во ж-а спорт м-н алек болуу — Б. у-тын мазмундуу өтүшүнө өбөлгө. Биздин коомдо буга жакшы шарттар түзүлгөн. Эки күндүк дем алыш ж-а бет күндүк иш жумасына өтүү — Б. у-ты көбөйтүү жолундагы чаралар. КПССтин 24-съездинде кабыл алынган 9-бет жылдык пландын Директиваларында Б. у-ты дагы көбөйтүү эске алынган. Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармактарын кеңейтүү б-ча белгиленген чаралар эмгекчилердин, асыресе аялдардын Б. у-ын көбөйтүүгө мүмкүндүк түзөт. Б. у-ты натыйжалуу пайдалануу кызыктуу өмүр сүрүүгө көмөктөш болот, аны натыйжасыз пайдалануу ж-а анын кадырын билбөө адамды эриктирет, бекерчиликке, жатып ичерликке, ичимдикке түртөт, кылмыш кылууга алып келет. Коммунизмде милдеттүү эмгек ыктыярдуу эмгекке алмашып, иш убактысы м-н Б. у-тын ортосундагы олуттуу айырмачылык жоюлат.

БОЮНДА БАР ЖАНА ТӨРӨГӨН АЯЛДАР ҮЧҮН ОТПУСК — сов. укук б-ча аялдарга төрөттөн мурда ж-а кийин кызмат орду м-н айлык акысын сактап берилүүчү убакыт. СССР Жог. Совети Президиумунун Указы (1956-ж. 26-март) б-ча, төрөттөн мурда ж-а кийин 56 күндөн отпуска берилет. Аялдын төрөтү оор болсо, же эгиз (көп) бала төрөсө, кийинки отпускасы 70 күнгө чейин узартылат. Отпуск мед. мекемелер тарабынан эмгекке жарамсыздык баракчасынын негизинде берилет. Ошол отпускада жүргөндө аялдар эмгек стажына карабастан жардам (пособие) алууга акылуу. Аялдардын эмгек ж. б. кошумча отпускалары төрөткө чейинки ж-а төрөттөн кийинки отпускасына кошулуп берилет. Төрөткө байланыштуу отпускасы бүткөндө да аялдар сураныч, мекеме-ишканалардын жетекчилери аларга баласы бир жашка жеткиче айлыксыз (эмгек акысыз) отпуска берүүгө тийиш. СССР Мин. Советинин 1973-ж. 26-июлдагы токтомуна ылайык жумушчу, колхозчу аялдарга профсоюздун мүчөсү экенине, эмгек стажынын көп же аздыгына карабастан, 1973-жылдын 1-декабрынан баштап пособие айлык акысынан кем эмес өлчөмдө төленөт.

БОЮНДА БАРДЫК — аялдардын организминде урук клеткасынан түйүлдүк өсүп жетилип, баланын төрөлүшү м-н бүтүүчү физиол. процесс. Б. б. жатындын түтүкчосүндө түйүлдүк пайда болгондон (эркек м-н аялдын жыныс клеткалары кошулгандан) баштап эсептелет. Пайда болгон урук клеткасы (жумуртка) түтүкчедегү булчуң ж-а эпителий чачыгынын жардамы м-н жатынга 7—8 суткада жетет. Жумуртканын болүнүшүнөн сырты трофобласт м-н капталган бластомерлер пайда болот. Бул клеткалар эритүүчү ферменттердин жардамы м-н жатындын ички былжыр кабыкчасына бекийт (имплантация). Бекиген мезгилден баштап жумуртка эне организминин эсебинен тамактанат. Боюнда бар учурда аялдардын жыныс бездери болүп чыгарган гормондордун (прогестерон, фолликулин) таасиринен гипофиз бези 3 эсе ашык иштеп, эмчек бездерин чоюйтуп, кандын басымын жогорулатат ж-а кандын составын өзгөртөт. Төрөгөнгө чейин жатындын көлөмү 500, салмагы 25 эсе чоюлот. Боюнда бар аялдарга түрдүү витаминдер *(А, В ,С, Д, Е)*, таза аба ж-а өз убагында тамактануу керек. Б. б-тын кыйыр белгилери булар: жатындын чоюлушу, этек кири келбей калышы, кан м-н сүт бездеринин өзгөрүшү. Түйүлдүктүн кыймылдашы, анын жүрөгүнүн кагышынын угулушу, мүчөлөрүнүн (башы, колу буту) кол м-н басканда көрүнүшү — Б. б-тын анык белгилери. Б. б. 280 суткага (9 айга) созулат.

БОЮНДА БАРЛАРДЫН ТОКСИКОЗУ, к. *Талгак.*

БОЯРЛАР — 1) 10—17-к-дагы орус мамлекетинде феодалдар коомунун жог. катмары. Мамлекетти башкарууда улуу княздан соң Б. маанилүү орун ээлеген. Б-дын пайда болушу славяндардын уруулук-тайпалык бирикмелеринин ыдыроо мезгилине (6—9-к.) таандык. 12—15-к-дагы феод. бытырандылык убагында Б-дын экон.-саясий күчү арбын кеткен. *Борбор-лоштурылган орус мамлекети* түзүлгөндө алардын артыкчылыктары чектелген. 17-к-да Б. м-н дворяндар ортосундагы айырмачылык жоюлган. 2) 15-к-дан баштап орус мамлекетиндеги «мекенге кызмат өтөгөн кишилердин» арасындагы жог. чин (к. *Боярлар думасы).* Б. наамын 18-к-дын башында Петр I жойгон. 3) Тиричиликтеги мааниси: 17-к-да Россиядагы феодал-помещиктерди калк Б. деп атаган. 4) Румынияда 14-к. чамасында калыпташкан феодалдар табы. 1945-ж. Б. тап катары жоюлду.

БОЯРЛАР ДУМАСЫ — орус мамлекетиндеги князь алдында (1547-жылдан падыша алдында) болгон жог. совет (10-к.— 18-к-дын башы). Ал феод. аристократиянын өкүлдөрүнөн турган. Б. д. закон чыгаруу, тышкы саясат, мамлекеттин ички түзүлүшү, дин ж. у. с. маселелерди талкуулаган. Киев Русунда Б. д. князлардын жан-жөкөрлөрү ж-а тектүү шаар аксакалдары өткөрүүчү жыйналыш түрүндө болгон. 11-к-дан баштап жалаң боярлардан түзүлгөн. Феод. бытырандылык кезинде Б. д. сеньордун (улуу княздын) феод. курияcына, 15-к-дын аягынан жог. бийликке кеңеш берчү органга айланган. 17-к-дын 2-жарымында Б. д-нын маанисн төмөндөп, Сенаттын түзүлүшүнө байланыштуу 1711-ж. жоюлган.

БӨГӨНӨК (Oestrus Ovis) — чымындын бир түрү. Кырг-ндын бардык жеринде кезигет. Ысык-Көл обл-да көйдү 92,4%, Нарын обл-да 85,4%, Ош обл-да өчкинин 76,0% Б-төн жабыркайт. Бир Б. жылына 600гө жакын личинка таштайт, ал куртка айланат. Б-түн майда курттары мурундун көңдөйүндө, кацылжарда жашап, мителик кылат. Кийинчерээк Б-кө айланып, учуп чыгат. Ал май айынын аягынан баштап кайрадан көйдүн таноосуна уруктайт. Б. курдунун кесепетинен эстроз ылаңы пайда болот. Ылаңдаган кой-өчки башын жыгачка, ташка, жерге же өз бутуна кагып, бышыкпрат, тынчы кетет, кээде бир орунда тегеренет. Таноосунан кан аралаш суюктук агат. Ылаң күчөгөндө мал өлүмгө учурайт. Эстроздун диагнозу ылаңдын эпизоотологиялык маалыматтарына ж-а клиникалык белгилерине карата коюлат. Эстрозго каршы окт., нояб. айларында 2% түү хлорофостун же үч хлорметафостун суудагы эритмесин көйдүн ар бир таноосуна 15 *мл* ден куюу керек.

БӨГӨӨ, к. *Плотина.*

БӨГӨТ — Ош обл-ныи Ленин р-нундагы Ленин-Жол сельсоветине карштуу кыштак. «Москва» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 5 *км* бат. тарапта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 70 *км.* Калкы 1107 (1974).

БӨДӨНӨ (Coturnix coturnix) — кыргоолдор тукумундагы канаттуу. Денесинин уз. 20 *см,* салм. 100—145 *г.* Арка жагы ак темгилдүү боз чаар, боору агыш сары, корозунун алкымы саргыч, мекияныныкы саргыч чаар болот. Европа, Азия, Африкада көп. Кышкысын Африкада, Индияда, О. Азиянын түш. жактарында болот. Кырг-ндын ойдуң ж-а тоо араларындагы талааларда көп учурайт, айрымдары Кочкор, Чүй өрөөнүндө кыштан калат. Б. курт-кумурска, өсүмдүктүн жалбырагын, бүчүрүн ж-а уругун жейт. Уясын бадал же куурай, чийлердин арасына салат, кара чаары бар күрөң 10—14 майда жумуртка туурт. 16—18 күндөн кийин балапаны чыгып, 3—4 жумада уча баштайт. Б-нүн эти даамдуу. Сайроочу куш катарында үйдө да багылат.

БӨЖӨП — Ош обл-нын Баткен р-нундагы Суу-Башы сельсоветине карштуу кыштак. «Биринчи Май» с-зунун борборү. Сары-Камыш тоосунун бат. этегинен оруп алган. Р-ндун борбору Баткенден 43 *км* чыг. тарапта, Исфара (Тажик ССРи) т. ж. станциясынан 75 *км.* Калкы 486 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

БӨЖӨК — көйн баласы. Б. бүтүк көж-а кызыл эт туулат. Бешинчи күндө денесине түк чыгып, он күндөн кийин көзү ачылат. Б. тез жетилет.

БӨЙРӨК — омурткалуу жаныбарлар м-н адамдын белүп чыгаруучу жол органы. Б. аркылуу заара м-н көпө суу, азот алмашуунун акыркы продуктылары, туздар, организмдин



Адамдын заара белүп чыгаруучу органдары: *1* — кызыл өнгөч; *2* — боор эт; *3* — оң бөйрөк үстүндөгү без; *4* — оң бөйрөк; *5* — төмөнкү көндөй көк кан тамыр; *6* — оң заара аккыч; *7* — көтөн чучук; *8* — табарсык; *9* — сол заара аккыч; *10* — ич толтосу; *11* — сол бөйрөк; *12* — сол бөйрөк үстүндөгү без.

өзүндө пайда болгон же сырттан кирген уу заттар белүнүп чыгат. Адамдын Б-гү ич көндөйдө, 12-көкүрөк ж-а 3-бел омуртканын түшунан орун алган. Б. төө буурчак формасында, уз. 10—12 *см,* туурасы 5—6 *см,* калың. 2,5 *см,* салм. 120—200 *г.* Б-түн ойдуң жак белүгүндөгү көңүлүндө Б. чойчокчосу, перв, лимфа ж-а кан тамырлар жатат. Сыртынан тутумдаш ткандуу чел м-н капталган. Б. сырткы (каралжын) ж-а ички (ачык түстөгү) катмардан турат. Сыртқы катмарында туурасы (эни) 0,25 *мм* болгон чойчек сымал капсулалар бар. Капсулалардын керегелери 2 катмар эпителий клеткаларынан турат. Ушул капсулалардан микроскоп м-н гана көрүнүүчү ичке заара каналчалары башталат. Заара каналчалары Б-түн 2 катмарында тең бир нече ирет ийрилип отуруп, бири бирине кошулуп жыйноочу түтүкчөлөрдү түзөт да, заара аккыч баштаюучу Б. чойчогүнө келип кирет. Б. суткасына орто эсеп м-н 35 *л* орг. ж-а 25 *г* орг. эмес заттары бар 1,5 *л* ге жакын суюу белүп чыгарат.

Ад.: Вовси М. С., Болезни системы мочеотделения, М., 1960; Жданов Д. А., Общая анатомия и физиология лимфатической системы, Л., 1952.

БӨЙРӨК ҮСТҮНДӨГҮ БЕЗ (glandulae suprarenales, hypernephra) — адам ж-а омурткалуу жаныбарлардын ички секреция бездеринин органы. Сүт эмүүчү жаныбарлар м-н адамда жуп орган түрүндө болуп, бөйрөктүн жог. полюсунан орун алган. Б. ү. б. кыртыш (сыртқы) ж-а мээ сымал (ички) катмардан турат. Кыртыш катмары организмдеги белок, углевод ж-а минералдык заттардын алмашуусуна катышат, о. эле стероиддик гормондордун 3 тобун: минералдык заттардын алмашуусуна катышуучу минералокортикоиддерди (альдостерон); углевод ж-а белок алмашууга катышчу генококортикоиддерди (кортикостерон, гидрокортизон) ж-а жыныс гормондорун (андрогендер, прогестерон) иштеп чыгарат. Б. ү. б-дин функциясы нерв системасы ж-а мээнин кыртышы аркылуу жөнгө салынып турат. Б. ү. б-дин функциясы начардан кетсе, белүнүп чыгуучу гормондордун саны азайып, *Аддисон оорусуна* чалдыгат.

БӨЙРӨКТҮН ТАШ ООРУСУ (nephrolithiasis) — бөйрөктүн ички көңдөйүндө же тканында заараның составдык белүктөрүнөн келип чыккан ташы бар өнөкөт оору. Б. т. о-нун белгилери Гиппократ, Галенге, персия ж-а араб врачтарына дайын болгон. Таш орг. эмес ж-а орг. (оксалат, урат, фосфат, карбонат, ксантин ж. б.) туздардан турат. Бул оору балдардан картайган адамдарга чейин жолугат. Оорунун негизги себептери: заараның тоскоолдукка учуран кармалышы, анын хим. составынын өзгөрүлүшү, бөйрөктүн сезгенишн, канда кальций, фосфор туздарынын көбөйүшү, ички секреция бездеринин аткарган кызматынын бузулушу ж. б. Б. т. о-нда бел ж-а бөйрөктүн тушу катуу ооруйт, заара өзгөрөт, дене ысыйт, оору киши кусуп, бат-бат заара кылат. Дарылоо таштын чоңдугуна, анын орун алышына ж-а кабылдоосуна карата дары м-н же операция жолу аркылуу жүргүзүлөт.

БӨПҮ — муунак буттуулар тибине кирген жоргомүштөрдүн тобу. Денесинин уз. 3—4 *см.* Б. терең. 60 *см* тик уюктарда жашайт. Ургаачысы жумурткасын желеге туун, аларды ар кандай душмандарынан коргойт. Б. курт-кумурскалар ж-а чымын-чиркейлерди торуна карман жейт. СССРде уюк же мизгирь Б-сү (Lycosa Singoriensis) кездешет. Б-нүн бардыгы уулуу, бирок киши үчүн коркунучтуу эмес.

БӨКЕЙ ХАНДЫГЫ, Бөкей ордосу, Ички ордо — Урал м-н Волга д-ныи аралыгына *Кичи жүздөн* көчүп барган 5 миң түтүн казактан 1801-ж. түзүлгөн казак хандыгы. 1812-ж. падыша өкмөтү хан кылып дайындаган султан Бөкей Нуралиевдин ысмынан аталган. Б. х-ныи калкы көбөйүп отуруп, 1845-ж. 20 миң түтүнгө жеткен. Бөкей өлгөндөн кийин (1815) анын бир тууганы Шыгай (1823), кийин Бөкейдин уулу Жангер бийлик кылган. Феод. ж-а колон. эзүүгө чыдабай казак дыйкандары көтөрүлүш (1836—37) чыгарган, аны падыша аскерлери ырайымсыз баскан. 1845-ж. Жангер өлгөндөн кийин хандык бийлик жоюлуп, башкаруу орус чиновниктери башында турган «Ички ордону башкаруу б-ча убактылуу советке» берилген. 1876-ж. Б. х. Астрахань губерниясына кошулган.

БӨКӨП — Ош обл-ныи Сузак р-нундагы Бек-Абад сельсоветине карштуу кыштак. «Эркин» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Сузактан 70 *км* түш.-чыг. тарапта, Жалал-Абад т. ж. станциясынан 36 *км.* Калкы 550 (1973). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

БӨКӨН (Saiqa tatarica) — көндөй мүйүздүүлөр тукумундагы ача туяктуу жаныбар. Салм. 50 *кг* га чейин жетет. Б-дүн денеси чымыр, буттары ичке, тумшугу домпогой. Ургаачысы кичирээк келип, токол болот, эркегинин мүйүзүндө шакек сыяктуу курбучалары бар. Б-дүн жүнү жайында саргыч, кышында агыш тартып кетет. СССРде О. Азияда, Каз-нда ж-а Кавказ тоолорунун этектеринде кездешет. Алар топтошуп жүрөт. Б. чөп, түрдүү өсүмдүк, бадалдардын жалбы-

Бөкөн.

рактарын жейт. Январда жүгүрөт. 5 айдан кийин 1—2 улак туулт. Б-дүн эти ширелүү, териси бышык, мүйүздөрүнөн дары-дармек жасалат.

БӨКӨНБАЕВ Жоомарт [16. 5. 1910, Ош обл., Кетмен-Төбө (азыркы Токтогул) р-ну, Мазар-Сай кыш.,— 1. 7. 1944, Ысык-Көл обл., Чоң Сары-Ой кыш.] — кыргыз совет акыны ж-а драматургу. Атасынан эрте ажырап, башынан кыйын турмушту өткөргөн. 1924—26-ж. «Көк-Арт» балдар үйүндө тарбияланган. Фрунзедеги педтехникумду (1931), Москвадагы Коммунистикалык коом (1935) окуу жайларын бүтүргөн. 1931-ж. Б. ж. ж. ж



Ж. Бөкөнбаев.

нисттик ун-ттин журналистика бөлүмүн (1935) бүтүргөн. 1935—41-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасынын бөлүм башчысы, «Ленинчил жаш» газетасынын, «Советтик адабият жана искусство» («Ала-Тоо») журналынын редактору. «Жер алган кедейлерге» деген туңгуч ыры 1927-ж. жарыяланган. 1933-ж. «Эмгек толү» аттуу 1-ырлар жыйнагы чыгат. Б-дин ошол учурдагы поэзиясы мезгилдин күндөлүк саясий чараларына жооп берип, саясий-агит. милдет аткарып турган. Б. 30-жылдары чыккан «Алтын кыз» (1935), «Добулбас» (1935), «Жоомарттын ырлары» (1936), «Комуз» (1928), «Балдар үчүн ырлар» (1939), «Ырлар» (1939), «Өчпос өмүр» (1939), «Өмүр» (1940) деген ыр жыйнактарында Коммунисттик партия, Ленин, эркин эмгек, аялдар азаттыгы, колхоз курулушу, ө. жайдын өнүгүшү, маданий рев-я, достук, сүйүү темаларын шыктанып ырдаган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде чакырык мүнөздөгү патриоттук ырлар м-н поэмаларды («Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», «Москва-крепость», «Ата Журт үчүн майданга», «Белоруссия багында», «Жүрөгүм менин Кызыл Туу», «Ажал менен Ар-намыс» ж. б.) жазган.

Б. драматургия жанрында да белсенип иштеп, бир катар пьесаларды жаратты («Алтын кыз», 1937, «Каргаша», 1939, «Токтогул», 1939). «Айчүрөк» (1937) операсынын либреттосуна авторлош (Ж. Турусбеков, К. Маликов м-н бирге). «Алтын кыз», «Айчүрөк» 1939-ж. кыргыз иск-восунун Москвада өткөн 1-декадасында көрсөтүлгөн.

Акын поэзиясы эл ырчыларынын поэтикалык салттарына айкалыш чыгып, музыкалуулугу, куюлушкан уйкашы, жеңил ыргагы м-н айырмаланып турат.

Б. бир катар очерк, публ. ж-а сын макалалар жазган. А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, А. Н. Некрасовдун, В. В. Маяковскийдин айрым чыг-ларын которгон. Ырлары ж-а поэмалары орус тилине которулган. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. Акын өмүр жолу бир катар ырларда ж-а С. Жусуевдин «Акын жүрөгү» (1965) поэмасында баяндалат. Б-дин ысымы респ-кабыздын айрым кыштактарына, мектептерге ж-а шаар көчөлөрүнө коюлган. Акынга эстеликтер тургузулган.

Чыг.: Эмгек төлү, Фр., 1933; Чыгармаларынын эки томдугу, Фр., 1973; Избранное, Фр., 1958.

Ад.: Керимжанова Б., Акындын чыгармачылык жолу, Фр., 1960; Гүлдесте. Ырлар, макалалар жана эскерүүлөр жыйнагы, Фр., 1960; Жигитов С., Ырлар жана жылдар, Фр., 1972; Маликов К., Кыргыз элинин талантуу акыны, «Советтик Кыргызстан», 1954, № 7; История киргизской советской литературы, М., 1970; Даутов К., К новым рубежам, в кн.: Живое единство, М., 1974.

БӨКӨНБАЕВ (Жоомарт Бөкөнбаевдин атынан) — Ысык-Көл обл-дагы Тоң р-нунун борбору, кыштак. Ысык-Көлдүн түштүгүндө, Рыбачье—Пржевальск шоссе жолунун боюнда. Рыбачье т. ж. станциясынан 88 *км* түш.-чыг. тарапта. Калкы 7954 (1974). Элди турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты, эки орто мектеп, балдардын спорттук ж-а муз. мектептери, айылдык профтех. окуу жайы, эки маданият үйү, оорукана, поликлиника, пионерлер үйү ж-а китепканалар бар.

БӨКӨӨЛ (монг. бокоул — эт бөлүүчү), чыгданчы — бышкан этти көпчүлүккө устукандап берүүчү адис. Бөкөөлчүлүк — атадан балага калып келген эски кесип. Илгерки хандардын, бектердин, даткалардын, жоокерчилик заманында аскер башчылардын, кийинчерээк уруулар м-н ири айылдардын да өз бөкөөлү болгон. Алар аш-тойлордо, мааракелерде (салтанаттуу жыйындарда) келген коноктордун жашына, кадыр-баркына, даражасына жараша бышкан этти устукандап бөлүштүргөн. Ал үчүн ар бир Б. өзүнө чейинки Б-дөрдүн тажрыйбасы м-н мыкты куралданып, ар бир жиликтин өзүнө тиешелүү даражасын гана жакшы билбестен, өз заманынын ал-абалын, замандаштарынын мартабасын, уруулардын санжырасын да жакшы билишкен. Чоң мааракелерде Б-дордүн карамагында дасторкончулар, чыгданчылар, ашпоздор, туурамчылар ж-а табакчылар болгон. Эл ичинде «Бодоноңу сойсо да касап сойсун», «Бодоноңу бөлсө да бөкөөл бөлсүн», «Туурамчыдан тууганың болгуча, бокоолдон бөлөң болсун» дегендей макалдар бар.

БӨКСӨ ТООЛОР—кургактыктын океан деңг. 500 *м* ден бийик көтөрүңкү, көбүнчө келки бөлүктөрү. Алардын үстүңкү бети басымдуу түрдө түзөң келет. Кээде терең өрөөндөр мындай жерди бир нече массивдерге бөлүп турат. Б. т-дун чет жактары коктуколоттуу. Жер шарындагы эң ири Б. т-лор: О. Сибирь, Декан, Бат. Австралия, Чыг. Африка бөксө тоолору. Кырг-ндагы Ички Тянь-Шандын айрым жерлери Б. т. тибине кирет.

БӨКСӨ-ЖОЛ — Калинин р-нундагы Талды-Булак сельсоветине караштуу кыштак. Калинин атн. мал бордоп семиртүү с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Калининден 16 *км* түш. тарапта, Кара-Балта т. ж. станциясынан 16 *км*. Калкы 617 (1974). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

БӨКСӨ-ЖОЛ — Ош обл-нын Өзгөн р-нундагы Доң-Булак сельсоветине караштуу кыштак. «Өзгөн» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Өзгөндөн 8 *км*, Кара-Суу т. ж. станциясынан 51 *км*. Калкы 508 (1970). Башталгыч мектеп, медпункт бар.

БӨКТӨРГӨ Circus cyaneus — күндүзгү жырткыч канаттуулар түркүмүнө кирген кулаалылар уруусундагы куш. Түсү б-ча эркек-ургаачысы бири биринен өтө айырмаланып турат. Евразия м-н Америкада кеңири таралган. Ал Кырг-ндын бардык р-ндорунда кездешет. Жай күндөрү Б-нү тоо этектеринен, өрөөндөрдөн көрүүгө болот. Жайында деңиз деңг. 2800—2900 *м* бийиктиктеги Суусамыр өрөөнүнө чейин барат. Күзүндө жылуу жакка учуп кетет. Бирин-серинден Чүй, Талас өрөөндөрүндө кыштайт. Жазында учуп келип, уясын жерге салат. Июлдун башында 3—5 жумурткасы 30 күн басып, балапан чыгарат. Б. майда омурткалуу жаныбарларды жейт.

БӨЛӨ — эне жагынан туугандыкты туюнтуучу түшүнүк. Эже-сиңдинин балдары бири бирине Б. болот. Салт мыйзамы б-ча Б-лөр арасында никелешүүгө жол берилген эмес, бирок айрым учурда турмуштагы ар кандай себептер м-н ал салтты бузгандар болгон.

БӨЛӨБАЛАЕВ Осмонкул (1888—1967) — төкмө ырчы, ырчылар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү. к. *Осмонкул Бөлөбалаев.*

БӨЛҮК ЖАНА БҮТҮН — предметтердин жыйындысын ж-а алардын өз ара байланышын билдирүүчү филос. категориялар. Предметтердин жыйындысын бүтүн категориясы туюнтат. Бүтүндүн составдуу элементи бөлүк деп аталат. Жалпысынан бөлүк деген — бир бүтүн предметтин өзгөчөлүгүн көрсөтө турган элементтер. Мис., биол. түр объективдүү өзгөчөлүк катарында өзү камтыган бардык индивиддердин маанилүү байланыштарынан турат. Түр индивиддерге карата бүтүн болсо, индивиддер ага карата бөлүк болот. Турмушта бир нече бүтүн биригип, өзүнөн татаалыраак бүтүндү пайда кылышы ыктымал. Мындай учурда бир бүтүн дагы бир бүтүндүн составдуу бөлүгү болуп калат. К. Маркска чейинки материализм Б. ж-а б. диалектикасын аныктап бере алган эмес. Бул маселе б-ча бир бирине карама-каршы механисттик ж-а виталисттик багыттар болгон. Механисттер бүтүндү бөлүктордүн жөнөкөй жыйындысы, ошон үчүн бүтүндө жаңы сапаттар м-н касиеттер болушу мүмкүн эмес деп эсептейт. Виталисттер бүтүндүн касиеттери анын бөлүктөрүнүн касиеттеринин жыйындысы ж-а бүтүндө жаңы касиеттер м-н сапаттар пайда болот ж-а туташ бир бүтүн организмден анын бөлүктөрүн алып ташсак, организмде материалдык эмес бирдеме калат, перселер м-н кубулуштарды бир бүтүн кылып бириктирип ж-а жөнгө салып тура турган материалдык эмес күч болот дешет. Азыркы кезде неомеханизм ж-а неовитализм сыяктуу концепциялар бурж. философияда кеңири тараган. Б. м-н б-дүн ортосунда биримдик, туура келүү ж-а каршылык катыштары болот. Бүтүн дайыма өзгөрүштө, кыймылда, өнүгүүдө болуп, бир бүтүндүн негизинде экинчиси, экинчиден үчүнчүсү ж. б. бүтүн пайда болот. Жаңы бүтүн эски бүтүндүн негизинде дароо даяр түрүндө пайда болбойт. Адегенде жаңы бүтүндүн кээ бир керектүү бөлүктөрү эски бүтүндүн ичинде пайда болуп, өнүгүүнүн натыйжасында жаңы бүтүндү пайда кылат. Мис., капитализм мезгилинде социализмдин элементтери пайда болгон. Коомдук өнүгүүнүн натыйжасында зарыл шарттар пайда болгондо гана капитализмден социализмге өтүү ишке ашырылып, бир бүтүн соц. формация түзүлдү. Бүтүндүн ар түрдүү типтери (мех., физ., биол., хим., социалдык) болот.

БӨЛҮКЧӨ — өз алдынча лексикалык мааниси жок, ар кандай модалдык чектөө, аныктоо, көрсөтүү, божомолдоо, ажыратуу ж. б. маанилерди билдирүүчү кызматчы сөздөр (*го, гана, да, дагы* ж. б.).

БӨЛҮКЧӨЛӨРДҮН ДИФРАКЦИЯСЫ — электрон, нейтрон, атом ж. б. микро бөлүкчөлөрдүн өз энергиясын өзгөртпөстөн кристаллдын бетинен же суюктуктун ж-а газдын молекулаларынан чачырашы. Чачыроо учурунда баштапкы бөлүкчөлөрдөн белгилүү бурчка кыйшайган кошумча бөлүкчөлөр тобу пайда болот. Бөлүкчөлөрдүн толкун касиетине ээ болуу гипотезасын 1-жолу 1924-ж. француз Л. де Бройль айткан. 1927-ж. амер. физиктер К. Девиссон м-н Л. Джермер электрондордун дифракциясын ачышып, Л. де Бройлдун гипотезасынын туура экендигин аныкташкан. Кийинчерээк молекулалардын, атомдордун, протон м-н нейтрондордун дифракциялары да ачылган. Чачыраган микро бөлүкчөлөр тобунун багыты м-н интенсивдүүлүгү чачыратуучу персенин түзүлүшүнө көз каранды. Бөлүкчөлөр жалаң гана корпускула касиетине ээ болбостон, толкун касиетине да ээ болушун Б. д. айкын көрсөтөт. Бөлүкчөнүн массасын m, ылдамдыгын v десек, анын бөлүкчө м-н байланышкан толкун узундугу төмөнкү формула м-н туюнтулат: $\lambda=h/mv$; h — Планк турактуулугу. Б. д. квант теориясынын негизинде гана толук түшүндүрүлөт. Ал ил. из. иштеринде перселердин атомдук түзүлүшүн аныктоодо кеңири колдонулат, к. *Электронография, Нейтронография.*

БӨЛҮКЧӨЛӨРДҮН ӨЗДҮК ЭНЕРГИЯСЫ, к. *Элементардык бөлүкчөлөр.*

БӨЛҮНБӨС ФОНДУ — колхоздун негизги ж-а айланма каражаттары. Ал анын өз салымынын эсебинен түзүлөт. Бул каражаттар колхоз мүчөлөрүнө бөлүштүрүлбөйт да, атайын керектөөгө гана жумшалат. Б. ф. адегенде колхозго кирген дыйкандардын мүчөлүк акысынан ж-а коомдоштурулган мүлкүнүн наркынан куралган. Кийинчерээк колхоз кирешесинин жыл сайын чегерилүүчү бөлүгү Б. ф-ну толуктоо ж-а көбөйтүү булагы болуп калды. Анын өлчөмү колхоздун Уставында белгиленет. Б. ф-га: өз салымынын, маданий-тех. чараларга жумшалуучу мамл. бюджеттин эсебинен сатылып алынган негизги каражаттардын наркы ж. б. кирет. Кирешеден чегерүү, капиталдык салымдын ж-а капиталдык ремонттун фондусунун эсебинен сатылып алынган машина, аспап, тетиктердин наркы ж. б. Б. ф-нун айланма каражаттарын түзөт. Б. ф-нун өлчөмү ж-а көбөйүшү — колхоздун коомдук чарбасынын өсүшүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири.

БӨЛҮНҮҮЧҮЛҮК — бир сандын же көп мүчөнүн экинчи санга же көп мүчөгө калдыксыз бөлүнүүсү. Эгер бүтүн 2 оң сандын бири (бөлүнүүчү) экинчисине (бөлүүчүгө) калдыксыз бөлүнсө, анда алардын бири экинчисине карата эселүү болот. Өзүнө ж-а бирге гана бөлүнгөн сан — жөнөкөй сан, андан башка да бөлүүчүлөрү болгон сан курама сан деп аталат. Курама сан жөнөкөй көбөйтүүчүлөргө ажырайт. Эгер курама сандын жөнөкөй көбөйтүүчүлөрүнүн ичинен жөнөкөй p саны кездешсе, анда n саны p га калдыксыз бөлүнөт. Б-түн бир канча белгилери бар. Алардын ичинен практикада көп колдонулгандары төмөнкүлөр: акыркы цифрасы 2ге бөлүнгөн сандар 2ге бөлүнөт; цифраларынын суммасы 3кө, 9га бөлүнгөн сандар 3кө, 9га бөлүнөт; 5ке бөлүнүш үчүн сандын акыркы цифрасы 0 же 5 болушу керек; сандын акыркы эки цифрасынан түзүлгөн сан 4кө бөлүнсө, ал сан 4кө бөлүнөт ж. б. Эгер эки сандын эң чоң бөлүүчүсү бир болсо, андай сандар өз ара жөнөкөй деп аталат. Өз ара жөнөкөй болгон эки санга бөлүнгөн сан алардын көбөйтүндүсүнө да бөлүнөт. Б-түн белгилери ушуга негизделген.

Ад.: Воробьев Н. Н., Признаки делимости, М., 1963.

БӨЛҮП ОКУТУУ — эркек балдар м-н кыздарды бөлүп окутуу. Улуу Окт. рев-ясына чейин Россиядагы, о. эле Кырг-ндагы мектептерде, гимназияларда кыздар, эркек балдар бөлүнүп, окутулуп келген. Окт. рев-ясынан кийин сов. мектептерде (1918-ж. май айынан тартып) *бирге окутуу* киргизилген. Улуу Ата Мек. согушка байланыштуу 1943-ж. союздук респ-калардын борборлорундагы ж. б. чоң шаарлардагы жети жылдык ж-а орто мектептерде эркек ж-а кыз балдарды бөлүп окутуу киргизилген. Б. о. окуу тарбия ишине тескери таасир тийгизгендиктен, ата-энелер, мугалимдердин талаптары б-ча СССР Мин. Советинин 1954-ж. 1-июлдагы токтомуна ылайык жоюлган.

БӨЛҮП ЧЫГАРУУ СИСТЕМАСЫ — адамдын ж-а айбанаттардын организминдеги ашык суусу, тузду, алмашуу процессиндеги акыркы заттарды ж-а уу заттарды бөлүп чыгаруучу органдардын жыйындысы. Эволюция процессинде Б. ч. с-нын ар башка түрү келип чыккан. Мис., курттардын Б. ч. с. денесинин ичинде кирпикчелүү клеткалардан башталган сыртка ачылуучу тешикчелери бар түтүкчө түрүндө болот; омурткасыздардын көпчүлүгүндө бул кызматты ичегилери, омурткалууларда бөйрөк аткарат ж. б.

БӨЛҮҮ — көбөйтүүнүн тескери амалы, б. а. берилген көбөйтүндү ж-а көбөйтүүчүлөрдүн бири б-ча 2-көбөйтүүчүнү табууга мүмкүндүк берүүчү амал. a ны $в$ га бөлүү $вx=a$ болгондогу x санын табуу, $a/в=x$ же $a:в=x$. Мында a — бөлүнүүчү, $в$ — бөлүүчү, x тийинди деп аталат. Бүтүн сандарды Б. ар дайым эле орундала бербейт. a бүтүн санын $в$ бүтүн санына бөлгөндө, тийиндиде бүтүн сан пайда болсо, анда 1-сан 2-санга калдыксыз бөлүнөт же эселүү делет. Санды нөлгө бөлүүгө болбойт. Эгерде a саны $в$ санына калдыктуу бөлүнсө, анда ал $a=вx+y$ түрүндө жазылат. Мында y калдык, $в>y$.

Ад.: Арнольд И. В., Теория чисел, М., 1939; Курош А. Г., Курс высшей алгебры, М., 1962.

БӨЛҮҮЧҮ БӨРК — станокто иштетилүүчү тетикти мезгил-мезгили м-н айлана б-ча буруп турууга арналган жасалга. Көбүнчө фрезалык станоктордо пайдаланылат. Б. б-түн мех. (жөнөкөй, универсал) ж-а оптикалык түрлөрү бар. Универсал Б. б. көбүрөөк таралган. Оптикалык Б. б. өтө так иштетүү үчүн, ал эми универсал Б. б. мех. иштетүү өндүрүшүндө бөлүү же бурама кобул жасоо үчүн колдонулат. Бөлүүнүн жөнөкөй ж-а дифференциалдык ыкмалары бар. Б. б-түн жардамы м-н өндүрүштө ар кандай тетиктердин (тиштүү дөңгөлөктөрдүн, шлицтүү валдын, бургунун, фрезанын ж. б.) туз, бурама оюктары жасалат. Тетикти айландыруу үчүн Б. б-түн шпиндели туткасынан кол м-н буралат.

БӨЛҮШТҮРГҮЧ (электрдик) — электр тизмектерин биринин артынан бирин убакытка карата бириктирип же ажыратып туруучу коммутациялык түзүлүш. Б. синхрондуу (тизмектерди белгилүү мезгил м-н үзгүлтүксүз ажыратып-кошуп туруучу), старт-стоптук (старт сигналы м-н ишке кирип, стоп сигналы келгенде ажыратуучу) ж-а кадамдык (башкаруучу импульс келгенде гана бир абалдан экинчи абалга өтүүчү) болуп бөлүнөт. Иш аткаруучу органдары б-ча Б-түн щёткалуу, муштумча механизмдүү ж-а релелүү түрлөрү болот. Б-түн конструкциясы электр мех. же электр вакуумдуу прибордон же бир системага бириктирилген электр мех., электрондук элементтерден турган түзүлүштөрдөн куралат. Б. автоматиканын, телемеханиканын ж-а байланыштын текшерилүүчү объектилерин тандоочу, убакыт б-ча бө-

лүштүрүлгөн сигналдарды мейкиндикте бөлүштүрүлгөн сигналдарга өзгөртүүчү, импульстардын санын эсептөөчү түзүлүштөрдө кеңири колдонулат.

БӨЛҮШТҮРГҮЧ ВАЛ, бөлүштүргүч механизм — машинанын ар кандай операцияны катары м-н аткаруу тартибин ж-а процессти кайталанып турушун камсыз кылган башкаруучу түзүлүш. Ал кээде муштумчалуу вал деп да аталат. Б. в. *ичинен күймө кыймылдаткычтарда*, станоктордо ж-а машиналарда колдонулат. Б. в-дын башкаруучу органы — муштумчалар. Машинанын түзүлүшүнө жараша муштумчалар вал м-н туташ жасалат, кээде ал муштумчалары бөлөк жасалып, валга отургузулушу мүмкүн. Б. в. ичинен күймө кыймылдаткычтарда — газ бөлүштүрүүчү органдарды, станоктордо технол. процессти иштетүү тартибинен баштап ар кандай аспаптарды алмаштыруучу механизмди башкарууга арналат.

БӨЛҮШТҮРҮҮ — өндүрүш м-н керектөөнү байланыштыруучу звено. Ал өндүрүш каражаттарынын, керектөөнүн зарыл ж-а кошумча продуктуларынын бөлүштүрүлүшүн камтыйт. Б. принциптери ж-а формалары өндүрүш жолуна жараша болуп, өндүрүштүн өнүгүшүнө таасирин тийгизет. Капитализмде Б. үстөмдүк кылуучу таптын пайдасына чечилет, жумушчуларды эксплуатациялоодон түшкөн пайданы капиталисттер алат. Соц. коомдо өндүрүш м-н бөлүштүрүү бири бирине шайкеш келип, коомдук байлык пландын негизинде бөлүштүрүлөт. Адегенде өндүрүш каражаттарынын паркы калыбына келтирилет; калган экинчи бөлүгү улуттук кирешени түзүп, өндүрүштү өркүндөтүүгө сарпталат; улуттук кирешенин ³/₄ бөлүгү керектөө фондусун түзүп, эмгекчилердин мүдөөсүн канааттандырууга жумшалат. Калган үлүшү мамлекетти башкаруу м-н өлкөнү коргоого, элге билим берүүгө, саламаттык сактоого, илим иск-вого ж. б. керектелет.

БӨЛҮШТҮРҮҮ — ыктымалдыктар теориясынын ж-а матем. статистиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири. Кандайдыр бир кокусунан алынган n чоңдуктун ыктымалдыктарынын Б-сү мүмкүн болгон $x_1, x_2, ..., x_n, ...$ чоңдуктун ж-а аларга туура келген $p_1, p_2, ..., p_n, ...$ ыктымалдыктардын маанилерин көрсөтүү м-н берилет. p_i ыктымалдыктары оң болуп, суммасы бирге барабар болуу керек. Мындай типтеги Б. дискреттүү (Пуассон бөлүштүрүүсү) деп аталат. Эгер кокус n чоңдуктун каалаган $(a, в)$ интервалга түшүшүнүн ыктымалдыгы $\int_a^в p_\eta(x)dx$ интегралынын барабар $p_\eta(x)$ функциясы болсо, анда η нын Б-сү үзгүлтүксүз $p_\eta(x)$ ыктымалдыктын тыгыздыгы деп аталат. Нормалдуу бөлүштүрүү үзгүлтүксүз Б-нүн мисалы болот. Кокустук чоңдуктардын Б-сү дискреттүү ж-а үзгүлтүксүз типтер м-н чектелбейт, алар бир кыйла татаал болушу мүмкүн. Ошондуктан бардык учурлар үчүн колдонууга мүмкүн боло турган Б-нүн жазылышы талапка ылайык. Б-нү баяндоонун универсал жолу болуп, $F_\eta(x)$ бөлүштүрүү функциясы саналат. Анын ар бир белгиленген x кезиндеги мааниси η нын мааниси x тен кичине болушунун ыктымалдыгына барабар; $a \leqslant \eta < в$, б. а. $F_\eta(в) - F_\eta(a)$.

Ад.: Гнеденко Б. В., Курс теории вероятностей, 2 изд., М., 1954.

БӨЛЧӨК (арифметикада) — бирдиктин бүтүн сандагы барабар үлүштөрүнөн турган сан. Б. $\frac{p}{q}$ символу м-н жазылат, мында p — алымы, q — бөлүмү. Бөлүмү бирдик канча барабар үлүшкө бөлүнгөнүн, алымы ошол үлүштөрдөн канчасы алынганын көрсөтөт. Б. бир бүтүн санды (p) экинчисине (q) бөлгөндөгү тийинди катарында каралат. p саны q га калдыксыз бөлүнсө, анда $\frac{p}{q}$ тийиндиси — бүтүн сан (мис., $\frac{6}{3}=2$), ал эми алымы бөлүмүнө бөлүнбөсө, $\frac{p}{q}$ тийиндиси бөлчөктүү сан болот (мис., $\frac{3}{7}$). Бир эле убакытта Б-түн алымын, бөлүмүн бир эле санга көбөйтсөк же бөлсөк, Б-түн чоңдугу өзгөрбөйт. Каалаган эки Б-түн бөлүмдөрүн бирдей бөлүмгө келтирүүгө болот (Б-тү жалпы бөлүмгө келтирүү). Бөлүмдөрү бирдей Б-төрдү кошуу үчүн, алардын алымдарын кошуп, ошол эле бөлүмүн калтыруу керек: $\frac{a}{в}+\frac{c}{в}+\frac{d}{в}=(a+c+d)/в$. Бөлүмдөрү түрдүү болгон Б-төрдү кошуу үчүн, алар жалпы бөлүмгө келтирилет. Бир канча Б-тү көбөйтүү үчүн алымдарынын көбөйтүндүсүн бөлүмдөрүнүн көбөйтүндүсүнө бөлүү керек: $\frac{a}{в}\cdot\frac{c}{d}=\frac{ac}{вd}$. Бөлүүнү көбөйтүүнүн тескери амалы катары карап, Б-төрдү бөлүүнүн мындай эрежесин алабыз: $\frac{a}{в}:\frac{c}{d}=\frac{ad}{вc}$. Эгерде $p>q$ болсо — буруш Б., $p<q$ болсо, дурус Б. деп аталат. Буруш Б-тү бүтүн сан м-н дурус Б-түн суммасы, б. а. аралаш сан катарында кароого болот. Эгер Б-түн бөлүмү 10 даражасы м-н туюнтулган сан болсо, ал ондук Б. деп аталат. Мис., $\frac{3}{10}=0,3$; $\frac{423}{100}=4,23$ ж. б.

Ад.: Депман И. Я., История арифметики, 2 изд., М., 1965; Энциклопедия элементарной математики, кн. 1 — Арифметика, М.—Л., 1957.

БӨРҮ ГҮЛ (Vinca) — кутр тукумундагы көп жылдык чөп. Анын Европа м-н Борб. Азияда 7, СССРдө 5 түрү бар. Б. г-дүн жапайы түрү СССРдин европ. бөлүгүндө, Крым м-н Бат. Закавказьеде учурайт. Жерге төшөлүп өсөт, сабагынын уз. 60—90 *см*, коңур күзгө чейин көгөрүп турат, кышкысын жалбырагы көп түшпөйт. Гүл сабагы жалгыздан гүл байлайт, гүлү көгүш, көк, кызгылт же ак болот. Б. г. бак-дарак, парктарда өстүрүлөт. Кырг-нда шаарлардын гүлзарларында кездешет.

БӨРҮ ЖАТЫШ — теринин ар кайсы жеринде чалкан чаккандагыдай кычышуучу кызыл бүдүрлөрдүн капысынан пайда болушу м-н белгиленген оору. Көбүнчө кызыл бүдүрлөр так калтырбай тез (бир нече саатта же күндө) жоголуп кетет. Кээде оору созулуп, оорулуу адамдын темп-расы көтөрүлүп, забыркайт. Б. ж. нерв системасынын ишинин бузулушунан ж-а түрдүү дүүлүктүргүчтөргө (жумуртка, козу карын, шоколад ж. б.) организмдин реактивдүүлүгүнүн өзгөрүшүнөн пайда болот. Б. ж. кан тамырларды кеңейтип, алардын капталдарынан кандын өтүп кетишине шарт түзөт. Дүүлүктүргүчтөр ар түрдүү болот. Дарылоо үчүн дүүлүктүргүчтөрдү жоготуп, нерв системасын жөнгө салуучу дарылар колдонулат.

БӨРҮ КАРАГАТТАР (Berberidaceae) — өсүмдүктөрдүн эки үлүштүүлөр классынын айрым желекчелүүлөр класс-часындагы тукуму. Көп жылдык чөп же бадал. Жалбырактары жөнөкөй же татаал, кезектешип орун алган же тамырлаш. Көпчүлүк учурда жаш жалбыракчалары өөрчүп жетилбеген же тикенге айланып кеткен. Топ гүлү — чачы, кээде бирден болот. Мөмөсү — жемиш же кутуча. Айрым өкүлдөрүндө берберин алкалоиди бар. Жер бетинин мелүүн алкагынан 650 түрү кездешет. Алар дары, жемиш берчү ж-а кооз өсүмдүк болуп саналат. СССРдө бул тукумдун Ы. Чыгышта, Кавказда, О. Азияда 7 уруусунун 29 түрү, Кырг-нда анын 3 уруусунун 10 түрү өсөт.

БӨРҮ-БАШ — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Челпек сельсоветине караштуу кыштак. «Бөрү-Баш» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Покровкадан 45 *км* чыг. тарапта. Каракол суусунун жээгинде, Пржевальск ш-нын түн.-батышында жайгашкан. Калкы 895 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БӨРҮ-ДӨБӨ — Ош обл-нын Кара-Суу р-нундагы Жоош сельсоветине караштуу кыштак. Кырг-н пахтачылык тажрыйба станциясынын аймагында. Р-ндун борбору Кара-Суудан 15 *км* түш.-чыг. тарапта. Калкы 725(1973). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

БӨТӨН СӨЗ — жазууда же оозеки сүйлөөдө келтирилген бирөөнүн сөзү. Б. с. түзүлүшүнө карай тике, кыйыр болуп бөлүнөт. Башка бирөөнүн сөзү өзгөрүүсүз келтирилсе, ал тике сөз

түрүндө берилет. (*«Керектүү таштын ордугу жок»,*— деди Айдар). Кыйыр сөздө башка бирөөнүн сөзү өзгөрүлүп, анын жалпы мазмуну гана сакталса (*керектүү таштын ордугу жок экендиги* ж-дө Айдар айтты) — кыйыр сөз.

БӨТӨН ЭЛДЕР БАШКАРМАЛАРЫ — Чыг. Сибирдин көчмөн элдерин (бурят, хакас, якут ж. б.) башкаруу үчүн падыша өкмөтү 1822-ж. 22-июлда түзгөн админ. ж-а финансы-чарб. мекемелер. Ар бир башкармага бир нече улус ж-а айыл кирген. Алар округ башчысынын буйругу м-н сот ишин жүргүзгөн, ясак ж. б. салыктарды жыйнаган. Б. э. б-на улус башчылары м-н жерг. байлардын өкүлдөрү 3 жылдык мөөнөткө шайланган. Бул башкармалар 1901-ж. болуштук башкармалар м-н алмаштырылган.

«БӨТӨН ЭЛДЕРДИ БАШКАРУУ ЖӨНҮНДӨГҮ УСТАВ» — Сибирдин орустан башка элдерин башкаруу принциптери ж-дө падыша өкмөтү 1822-ж. 22-июлда кабыл алган закон. Устав Сибирдеги орустан башка элдерди «бөтөн» деп атап, аларды жолбундар, көчмөндөр ж-а отурукташкандар деп үч топко бөлгөн. Устав б-ча жолбун элдердин (орочтор, алеуттар ж. б.) мурдатан келаткан уруулук, уруктук уюмдары сакталган; отурукташкан элдерди (татарлар ж. б.) орус мамлекетиндегидей мекемелер башкарган, ал эми көчмөн элдерди (буряттар, якуттар, вогулдар ж. б.) башкаруу үчүн урууу башкармалары (15 түтүндөн кем эмес ар бир конуштагы уруу же улус), бөтөн элдердин башкармалары ж-а талаа думалары түзүлгөн. Бул устав Сибирдеги орустан башка элдерди эзүүдө падышалык Россиянын куралы болгон.

БРАБАНСОН — жылкынын жүкчүл породасы («бельгия басыктуу аты» деген ат м-н белгилүү). Ал жерг. жылкынын тукумун жакшыртуу жолу м-н 18-к-да Бельгияда чыгарылган.



Б-дун башы чоң, мукур моюн, буту кыска, кайкы бел, соорусу жайык, жоош. Өңү карагер, тору, жээрде, буурул, кээде кула болот. Бийикт. 160—167 *см*, тулкусунун уз. 174—176, көкүрөк курчай 200—215 *см*. Б. тез жетилип, купан чагынан жумушка чегилет. Жем-чөптү ылгап жейт. Б. Бельгия, Нидерланддар, Италия, АКШ ж. б. өлкөлөрдө асыралат. СССРдө Б-ду аргындаштыруудан жылкынын сов. жүкчүл породасы чыгарылган.

БРАВЕ ТОРЧОСУ — атом жайланышкан чекитти (түйүндү) чектүү санда которууларынын группасы м-н кайталоодон түзүлүүчү түйүндөрдүн чексиз системасы. Бул группа берилген чекиттен чыккан, бирок бир тегиздикте жатпаган үч вектор аркылуу түзүлөт (к. сүрөт). Мында берилген



векторлордун чоңдугу ж-а өз ара багыттарына жараша бири биринен симметриясы б-ча айырмаланган Б. т. келип чыгат. Б. т-нун 14 түрү бар. 4 типке бөлүнөт: жөнөкөй, негизине борборлошкон, көлөмүнө борборлошкон, гранына борборлошкон. Бул торчолорду 1-жолу (1848) француз илимпозу О. Браве геом. жол м-н аныктаган.

БРАГА — орус элинин ачытуу жолу м-н даярдаган, аз өлчөмдөгү алкоголу бар илгерки суусуну, к. *Пиво.*

БРАГА Марк Андронович [4(17). 2. 1910-ж. т.] — айыл чарба өндүрүшүнүн новатору, УССРдин Херсон обл-нын Голопристань р-нундагы «Россия» к-зунун комбайнёру (1958), эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1949, 1958). 1951-жылдан КПССтин мүчөсү. 1937—58-ж. Бохтар МТСинин комбайнёру. 1948-ж. С-1 комбайны м-н 25 жумуш күнүндө 8844 *ц* дан ж-а 1161 *ц* май өсүмдүгүн бастырган. 1967-ж. 673 *га* эгин оруп-жыйнап, 16 846 *ц* дан бастырып алган. КПССтин 19- ж-а 22-съезддеринин делегаты. 5 жолу Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БРАДЗОТ (норв. brad — күтүлбөгөн, мүрт, sot — ылаң) — койдун жугуштуу ылаңы. Мында карын, боор ж. б. ички органдар жабыркап, бүт организм уугат да, мал мүрт өлөт. Ылаң козгогучу — токсин пайда кылуучу клостридиялар. Б-ту өзүнчө дарт катары 1888-ж. Норвегияда И. Нильсен аныктап жазган. Ылаң козгогучу жер кыртышында жашайт, рельеф, топурак ж-а климат шартына карабай тарайт. Жаан-чачындуу жылы ылаң көп кездешет. Бул ылаң жыл сайын кайталанат. Ылаңдаган койлордун бардыгы кырылып калгандыктан, чарбалар чоң зыян тартат. Б-тун клиникалык белгилери 10—15 *мин*, кээде 2—12 *с* ка созулат. Ылаңдаган кой титиреп жыгылат, кээде чычкактайт, ичи көбөт. Дарылоо методу али табыла элек. Кырг-нда акад. А. *Волкова* бул ылаңга каршы вакцина чыгарды.

БРАЗЗАВИЛЬ — Конго Эл Респ-касынын борбору. Конго д-нын төмөнкү агымынын оң жээгинде. Калкы 242 миң (февраль 1973;). Өлкөдөгү соода, ө. ж. ж-а финансы борбору. Шоссе ж-а темир жолу аркылуу Пуэнт-Нуар деңиз порту м-н байланышкан. Эл аралык маанидеги аэропорту бар. Б-дө жип ийрүү, ширеңке, сигарет ф-калары, май чыгаруучу, пиво кайнатуучу з-ддору, Борб. Африканы изилдөө ин-ту бар.

БРАЗИЛИЯ, Бразилия Федеративдик Республикасы.

Жалпы маалыматы: Түш. Американын чыг. ж-а борб. бөлүгүндөгү мамлекет. Гвиана (Франция), Суринама (Нидерланддар), Гайана, Венесуэла, Колумбия, Перу, Боливия, Парагвай, Аргентина, Уругвай мамлекеттери м-н чектешет. Аянты (Атлантика океанындагы аралдары м-н) 8512 миң *км*². Калкы 105,96 млн. (1974). Борбору—Бразилия. Админ. жагынан 22 штатка, 4 аймакка ж-а 1 федералдык (борб.) округга бөлүнөт.



Мамлекеттик түзүлүшү. Б.— федеративдик респ-ка. Азыркы конституциясын 1969-ж. 17-октябрда аскердик хунта кабыл алган. Мамлекеттин, өкмөттүн башчысы ж-а куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы — президент (5 жылдык мөөнөткө шайланат). Закон чыгаруучу жог. органы— парламент (Улуттук конгресс), бирок ал диктатуранын бийлигине толук багындырылган. Ар бир штат өзүнүн конституциясын колдонот, өзүнүн закон чыгаруучу чогулушу бар. Ар бир штатты шайланып туруучу губернатор башкарат. Сот системасынын составында бир нече федералдык сот (Федералдык жог. сот, апелляциялык сот, эмгек соту, аскердик трибунал ж. б.) бар. Федералдык прокуратура сот системасынын бөлүгү болуп, анын өкүлдөрү сот процессинин бардык стадиясына катышууга тийиш.

Мамл. желегин ж-а гербин к. *Мамлекеттик желек, Мамлекеттик герб* макаласынын таблицасынан.

Табияты. Б-нын түн. жагы экватордук, орто жери м-н түш. бөлүгү субэкватордук ж-а тропиктик, түш.-бат. субтропиктик кеңдиктерде жатат. Терр-ясынын көпчүлүгүн Бразилия бөксө тоосу ээлейт. Түндүгүндө Амазонка ойдуңу (Амазония) м-н Гвиана бөксө тоосу (бийикт. 150—1200 *м*), түш.-чыгышында Серра-ду-Мар, Серра-да-Мантикейра (эң бийик чокусу— Бандейра 2890 *м*) тоолору, батышында Пантанал түздүгү жатат. Б-нын жери — кембрийге чейинки Түш. Америка (Бразилия) платформасынын бир бөлүгү. Платформанын фундаментинен полиметалл, алтын, темир, сейрек кезигүүчү металлдар, марганец, бокситтер казып алынат. Чөкмө тектердин катмарларында нефть (Амазонияда, Сан-Луис, Баия ойдуң-


БРАЗИЛИЯ
270 0 270 540 км
Богота
Каракас
Георгетаун
Парамарибо
Кайенна
Манаус
Белен
Сан-Луи
Форталеза
Натал
Жуазейру-ду-Норти
Ресифи
Салвадор
Белу-Оризонти
Рио-де-Жанейро
Сан-Паулу
Сантус
Куритиба
Порту-Алегри
Жуис-ди-Фора
Витория
Гояния
Бразилия
Кампу-Гранди
Кампинас
Санта-Крус
Кочабамба
Ла-Пас
Потоси
Сукре
Сантьяго
Консепсьон
Пунта-Аренас
Консепсьон
Пунта-Аренас
Консепсьон
Пунта-Аренас

эмгеги, 1,4% а. ч. машиналары м-н жүргүзүлөт (1960). Азык-түлүк товарларынын көпчүлүгүн чет мамлекеттерден алат. Б. кофе өндүрүү б-ча дүйнөдө 1-орунда. Пахта, бал камыш Б-нын түш.-бат. ж-а түш.-чыг. р-ндорунда өстүрүлөт. Б-нын түштүгүндө тамеки ж-а жүзүм өстүрүү өнүккөн. Өлкөнүн бардык р-ндорунда жүгөрү, шалы, күрөң фасоль, маниок эгилип, алар эгин аянттарынын жарымын ээлейт. Дан өсүмдүктөрүнөн буудай, арпа, сулу эгилет. Мал чарбасы көбүнчө эт багытында. Б-нын эбегейсиз токой байлыгы начар пайдаланылат. Амазонканын токоюнда каучук (жылына 30—35 миң *т*), браз. жаңгагы, майлуу пальма жыйналат. Өлкөнүн түн.-чыгышында Парагвай чайы, курулуш жыгачтары даярдалат. Токой продукциясынын көпчүлүгү экспорттолот.

Транспорту. Б-нын көпчүлүк р-ндорунда транспорт начар өнүккөн. 1967-ж. ички жүк айлануунун 74% автомобиль, 14% деңиз-дарыя, 12% т. ж. транспорту аркылуу жүргүзүлгөн. Автомоб. жолунун уз. 933,2 миң *км*. Ири порттору: Рио-де-Жанейро, Сантус, Тубаран, Витория, Порту-Алегри ж. б. Б. улуттук кирешенин 10—12% экспорттон алат. 1971-ж. экспорттун наркы 2,9 млрд. доллар, импорт 3,4 млрд. түзгөн. Кофе, темир рудасы, пахта, жыгач, кант ж. б. экспорттолот. Нефть ж-а анын продуктулары, машина ж-а машина жабдуулары импорттолот. Б-нын акча бирдиги — крузейро.

Саламаттык сактоо. 1964-ж. ар миң кишиге төрөлгөндөр 43тү, жалпы өлүм 13тү, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 170ти түзгөн. Өмүрдүн орт. узактыгы—40—45 жаш. Жугуштуу оорулар көп учурайт. Карантин оорулары да бар (мис., 1966-ж. чечек м-н 3102 киши ооруган). Анкилостомидоз, безгек, проказа, эндемиялык богок кеңири таралган. Орчундуу орунду тамак-аш жетишпегендиктен, пайда болгон оорулар ээлейт. Балдарга белок жетишпейт, кээ бир штаттарында сүт ж-а эт өтө эле аз. 1966-ж. 40 миңге жакын врач, 6,7 миң орто билимдүү мед. кызматкер ж-а 55,7 миң мед. жардамчы иштеген. 1964-ж. ар миң кишиге 3,1 оорукана койкасы туура келген. Врачтар ун-ттердин 38 мед. ф-тетинен даярдалат.

Эл агартуу. Б-да алгачкы мектептерди 16-к-дын ортосунда иезуиттер ачкан. Алар Б-дан куулгандан кийин, бул мектептер жабылып, гражд. мектептер ачылган. Б. конституциясы б-ча, милдеттүү түрдө акысыз башталгыч билим берүү 1946-ж. жарыяланган, иш жүзүндө бул закон аткарылган эмес. Б. билим берүүнүн башталгыч звеносунда (мектепке чейинки мекемелерде) 1967-ж. 166 миң бала тарбияланган. 1966-окуу жылында башталгыч мектептерде 10 695 миң окуучу окуган. 7 жылдык орто мектептер 4 жылдык гимназияга, 3 жылдык коллегияга бөлүнөт. 1968-ж. вуздарда (45 ун-т, 3 тех. ж-а 2 муз. жог. окуу жай) 258 миң студент окуган. Рио-де-Жанейродо Улуттук китепкана, Португалия королдугунун окуу залы; Улуттук, тарыхый ж-а этногр. музейлери бар.

Илим жана илимий мекемелери. Б-да табият илимдери 20-к-дын 1-жарымында өнүгө баштайт. 1916-ж. 5 бөлүмү бар (матем., физ., химия, геол., биол.) Бразилия ИАсы ачылат. 50-жылдары табият ж-а техника илимдери өзгөчө тез өнүгүп, атом энергиясы, физика, технология, теориялык ж-а колдонмо математика, химия ж. б. илимдер б-ча изилдөөлөр күчөйт. Матем. ин-ттары (1952—57), атом энергиясы ин-ту (1956), микробиология ин-ту (1955) ж. б. уюшулат. 20-к-да математиктер М. Аморозу Коста, Т. Рамус, биологдор Р. Нина Родригис, Э. Рибас, физиолог А. Озориу ди Алмейда,



Бразилия. Ресифи ш.

ботаниктер А. Нейве, Р. Пинту, орнитолог О. ди Оливейра Пинту, ихтиолог. А. Миранда Рибейру, гигиенист Ж. ди Кастру сыяктуу илимпоздор чыккан.

Б-да философия, тарых, экон. илимдери европ. коомдук пикирлердин таасири м-н калыптанып өнүккөн. Б-дан иезуиттердин кетиши Дж. Локк, Вольтер, Д. Дидро, Ж. Ж. Руссо сыяктуу европ. материалист философтордун идеяларынын таралышына шарт түзөт. 19-к-дын 2-жарымында позитивизм тарап, 19-к-дын аягында соц. ж-а маркстик идеялар пропагандалана баштайт. Бразилия компартиясынын (1922) түзүлүшү маркстик философиянын өнүгүшүнө түрткү болду. Б-нын филос. илиминин негизги борборлору: Браз. филос. ин-ту (1949), ун-ттердеги филос. ф-теттери.

Б-да маркстик историография 20-к-дын 30-жылдарында пайда болуп, 2-дүйн. согуштан кийин өнүгө баштады. Изилдөө борборлору: Б-нын тарых ж-а геогр. ин-ту (1838), Социалдык изилдөө борбору (1957), Улуттук архив (1938), Улуттук китепкана (1810), Улуттук тарых музейи (1922).

Б-дагы экон. илиминин негизги агымдарынын бири — либералдык мектеп. Ал жеке менчик мүдөөсүн көздөйт. 30-жылдарда пайда болгон дезенволвиментизм (португалча desenvolvelmento—өөрчүү) агымы 2-дүйн. согуштан кийин мамлекеттин ролуна зор маани берип, мамл. секторду күчөтүүгө көп көңүл бурган. 60-жылдарда «негизги реформа» деген мектеп чет элдик капиталга ж-а башкаруучуларга каршы чыгып, агрардык реформаны талап кылат. Б-да 19-к-дын аягынан баштап маркстик экон. ой-пикир тарайт (Н. Верпек, А. Пасус ж. б.). Экон. изилдөөлөрдүн негизги борборлору: Бразилиянын экон. ин-ту, Улуттук ө. ж. конфедерациясы, «Банас» экон. изилдөө жеке менчик бюросу.

Басма сөз, радио уктуруу, теле көрсөтүү. Б-да алгачкы газета 1809-ж. чыккан. 1973-ж. күнүгө чыгуучу газетасынын саны (1 млн. даана м-н) 250дөн ашкан. Эң негизгилери Рио-де-Жанейродо — «Глобу» (1925), «Дна» (1951), «Диариу ди Нотисиас» (1930), «Жорнал ду Бразил» (1891), Сан-Паулуда — «Диариу ди Сан-Паулу» (1925), «Эстаду ди Сан-Паулу» (1875). Белгилүү журналдары: «Маншете» (1952), «Реалидади» (1966). Атайын информ. агенствосу — «Аженсия Насионал» 1934-ж. негизделген. Радио уктуруу 1921, теле көрсөтүү 1952-жылдан башталган. 396 радиостанция ж-а 52 телестанциясы бар.

Адабияты. Б. ад-ты негизинен португал тилинде жазылат. Алгачкы адабий жазуулар 16—17-к-га таандык. Фольклору бири м-н жуурулушкан үч поэтикалык салттын (негр, португал, индеец элдеринин) биримдигинен турат. 17—18-к. улуттук ад-т пайда боло баштап, Г. ди Матустун (1633—96) сатиралары жарык көрөт. 18-к-дын 2-жарымынан Б. ад-тында элдин эркиндик үчүн күрөшү, агартуучулук идеясы көрүнө баштайт. 1768-ж. К. М. да Коста (1729—89) «Заморская Аркадия» адабий коомун уюштуруп, «Вила Рика» (1773) поэмасын жазат. Ж. Б. да Гам (1741—95) «Уругвай» (1769) эпикалык поэмасында португал ж-а испан колонизаторлоруна каршы индеецтердин күрөшүн баяндайт. 19-к-дын 30—70-жылдары Б. ад-тында романтизм үстөмдүк кылат (А Гонсальвис Диас, 1823—1864; Ж. М. ди Аленкара, 1829—1877 ж. б.). Б. ад-тынын тарыхына арналган бир нече ил. эмгек жарыкка чыгып, көптөгөн драмалар жазылды. 19-к-дын 2-жарымында М. А. ди Алмейда (1830—61) «Полиция сержантынын эскермелери» (1845—55) романында турмуш чындыгын реалисттик түрдө көрсөттү. Улуу Окт. рев-ясынын жеңиши ж-а Бразилия компартиясынын түзүлүшү прогрессчил ад-ттын өсүшүнө зор таасирин тийгизди. Ж. Б. Монтейру Лубату, Ж. Амаду (1912-ж. т.) ж. б. прогрессчил жазуучулардын чыг-лары эмгекчи элдин белсемдүү күрөшүн көрсөтүүгө үлүшүн кошуп келе жатат.

Музыкасы. Б. элинин музыкасы индеец, негр, португал элдеринин музыкасынын негизинде пайда болгон, 16-к-дын 1-жарымында Б-ны португалдар басып алгандан баштап, алардын муз. таасири күчөп, жерг. элдин музыкасы начарлап кеткен. Б-да элдик ыр-бийлер кеңири өнүккөн. Улуттук аспаптары: атабаки, маримба, ганда ж. б. Б. проф. музыкасына негиз салуучу Ж. Н. Гарсиа болгон. Анын шакирти Ф. М. да Силва —улуттук гимндин автору (1831). Б. улуттук музыкасынын өсүшүнө Э. В. Лобос зор салым кошту. Ал — 9 опера, 12 симфония ж. б. бир нече чыг-нын автору. Азыркы көрүнүктүү муз. ишмерлери: М. К. Гуарньери, О. Л. Фернандис, Ф. Миньоне. Б-да муз. акдемия, Улуттук опера театры, консерватория, Улуттук муз. ин-ту, 2 симф. оркестри бар.

Архитектурасы жана сүрөт искусствосу. Индеецтердин байыркы мад-тынан Б-да (негизинен Амазонка р-нунда) таш скульптуралар, геом. оймо-чиймелери бар карапа буюмдар ж-а таш бетине тартылган сүрөттөр сакталып калган. 16-к-дын 1-жарымында португалдар Б-нын чет жакаларына Сальвадор, Ресифи, Рио-де-Жанейро сыяктуу шаарларды курат. 17-к-дын аягында Б-нын ошол кездеги борбору Сальвадордун көчөлөрү тартип м-н пландаштырылып, балкондуу эки кабат үйлөр түшө баштайт. 18-к-да кээ бир шаарларда курулуштун чоңдугуна, көркөмдүүлүгүнө көңүл бурулса, Минас-Жерайс штатында баскычтуу рококо стилинде фасаддалган ж-а скульптуралар м-н кооздолгон имараттар курулат. Бул учурдун атактуу архитектору Алейжадиньо болгон. 19-к-дын башында (1822) өлкө көз карандылыктан бошонгондон кийин, Б-га франц. сүрөтчүлөр м-н архитекторлор келип, классицизм стилин жайылтат. Б-нын архитектурасы 1920-жылдан тартып тез өстү. 1960-ж. борбор Бразилия ш-на көчүрүлөт. Көрүнүктүү архитекторлору: О. Нимейер, Л. Коста ж. б. Сүрөт өнөрүнүн алгачкы чыг-лары 16—17-к. пайда болгон. 1820-ж. Франциядан чакыртылган сүрөтчүлөрдүн жардамы м-н Көркөм сүрөт академиясы уюштурулат. Жаш сүретчүлөр Парижден окуп, таалим алып, бара-бара улуттук реалисттик сүрөт өнөрү м-н графика өнүгө баштайт. Б-нын көрүнүктүү сүрөтчүлөрү: К. Портинари, Эди Кавальканти ж. б. 20-к-дын 50-жылдары графика өнүгүп, К. Скляр, Р. Кац, О. Гоэлди сыяктуу графиктер өсүп чыкты.

Рио-де-Жанейро. Маракана стадиону.



Театры. 16-к-да Рио-де-Жанейродо 1-театр имараты курулган. Анда браз. классицизмдин өкүлдөрүнүн пьесалары көрсөтүлгөн. Улуттук көз карандылыктан кутулгандан кийин (1822), улуттук драматургия негизделе баштаган. 20-к-дын башында туруктуу драма труппалары уюштурулуп, улуттук авторлордун чыг-лары коюлат. 50-жылдары Дулсидер-Одилон, А. Гарриду, Ж. Коста ж. б. көрүнүктүү актерлордун жетекчилиги м-н комедия театрынын труппасы түзүлөт. 60-жылдары «Театру ди арена», «Офисина», «Опинион» театр труппалары иштеп, А. Суасун, Ж. Андради, А. Боаланын пьесалары м-н бирге Шекспир, Мольер, Чехов, Горькийдин ж. б-дын драмалык чыг-лары коюлган. Б-да Драма өнөр консерваториясы иштейт. Рио-де-Жанейродо, Сан-Паулуда драма өнөр мектеби бар.

Киносу. Б-да кино өнөрү 1903-ж. пайда болгон. 20-жылдары Кампинас ж-а Ресифиде кино өндүрүшү түзүлүп, негизинен чет өлкөлүк фильмдердин браз. варианты чыгарылган. Кээ бир мыкты, фильмдер («Токойдон чыккан Жуан», 1923, реж. А. Алвис; «Чек», 1930, реж. М. Пейшоту) жаралганы м-н Б-нын ал кездеги кинематографиясы төмөнкү деңгээлде болгон. Биринчи үндүү фильмдерге атактуу ырчылар катышып, анда улуттук ыр, обондор пайдаланылган. 1941-ж. «Атлантика» (Рио-де-Жанейродо), 1949-ж. «Вера-Крус» (Сан-Паулуда) киностудиялар уюштурулуп, 1950—53-ж. реж. А. Кавальканти иштеген. Анын жетекчилиги м-н «Кангасейро», «Бойго жеткен кыз» аттуу фильмдер тартылган. Б-нын эң мыкты фильмдери: «Рио, 40°» (1955), «Барравенто» (1962), «Обет» (1962). Белгилүү актёрлору: С. Прата, Д. Филью, Л. Вилар, Н. Бенгел ж. б.

Ад.: Бразилия. Экономика. Политика. Культура, М., 1963; Глинкин А. Н., Новейшая история Бразилии (1939—1959 гг.), М., 1961; Очерки истории Бразилии, М., 1962; Коваль Б. И., История бразильского пролетариата (1857—1967), М., 1968; Экономика и внешняя торговля стран Латинской Америки, М., 1966; История философии т. 2, М., 1957, с. 551—69; Историография нового времени стран Европы и Америки, М., 1967, с. 611—16; Тертерян И. А., Бразильский роман XX века, М., 1965; Полевой В. М., Искусство стран Латинской Америки, М., 1967 (библ.); Сикейра Ж., Симфоническая музыка Бразилии, «Советская музыка», 1956, № 3.

БРАЗИЛИЯ — Бразилиянын борбор шаары. Риашу-Фунду, Гама, Бананал, Торту суулары кошулган жерде курулган суу сактагычтын боюнда. Калкы 700 миң (1973). Т. ж. станциясы, шоссе ж-а аба жол тоому. Б.— админ. шаар, ө. ж-лары жок. Мында президенттин резиденциясы ж-а канцеляриясы, Улуттук конгресс, Жог. сот ж-а мин-волор жайгашкан. Шаар 1957-ж. курула баштаган. Борборду Б-га которуу салтанаты 1960-ж. 21-апрелде болгон.

Бразилия ш. Улуттук конгресс үйү.



БРАЗИЛИЯ АГЫМЫ — Атлантика океанындагы жылуу агым (Түш. Американын жээгинде); Түш. Пассат агымынын бир тармагы. Сан-Роки тумшугунан түш.-батышты карай жылып, 40° түш. кеңдикте Фолкленд ж-а Бат. шамал муздак агымдарына кошулат. Ылдамд. 1—2 *км/с*. Темп-расы 18—26°С. Тузд. 35—37,25‰.

БРАЗИЛИЯ ПЛАТФОРМАСЫ, Түш. Америка платформасы — Түш. Америка материгинин көпчүлүк бөлүгүн ээлеп жаткан байыркы *платформа*. Ал батышынан Анд тоолору, чыгышынан Атлантика океаны м-н чектелет. Б. п. бир нече *калкан* (Гвиана, Борб. Бразилия, Чыг. Бразилия), *синеклиза* (Амазон, Парана, Чубута, Санто-Крус ж. б.) ж-а *антеклизадан* (Түн. ж-а Түш. Бразилия) турат. *Калкандар* кембрийге чейинки мезгилдин гнейс, амфиболит, сланец, мрамор ж-а кварциттеринен, синеклизалар палеозой, мезозой, кайнозой замандарында пайда болгон континенттик чөкмө тектерден түзүлгөн. Платформанын фундаменттеринен полиметалл, калай, вольфрам, сурьма, алтын, темир ж. б. кендер, чөкмө тектердин арасынан нефть, таш көмүр, таш туз ж. б. табылган.

БРАЗИЛИЯ ТАЙПАК ТООСУ — түш. кеңдиктин 3—35°дагы тайпак тоо. Түш. Американын чыг. бөлүгүнүн көбүн ээлейт. Чыг. ж-а түш.-чыгышка бийиктеп (Бандейра тоосу, бийикт. 2890 *м*), түндүгүнөн Амазонка ойдуңуна, түш.-батыштагы Лаплата ойдуңуна карай эңиштеп кетет; түн.-батышынан Жог. Парагвай ойдуңуна карай жардуу тик келип бүтөт. Тоо байыркы кристаллдуу калкандан ж-а синеклизадан турат (геол. түзүлүшүн, к. *Бразилия платформасы*). Дайыма көгөрүп туруучу токой, саванна бадалдары ж-а ийне жалбырактуу токойлор өсөт.

БРАЗИЛИЯЛЫКТАР — улут, Бразилиянын негизги калкы, саны 105 млн. (1974). Португал тилинде сүйлөшөт (кээ бир өзгөчөлүктөрү бар), католик дининде. Б. 16—20-к-да көчүп келген элдер (негизинен португалиялыктар) м-н жерг. индеецтердин ж-а 16—19-к-да Африкадан эрксиз алынып келинген негрлердин аралашуусунан келип чыккан. 19-к-дын ортосунан баштап Бразилияга поляктардын, испандардын, италиялыктардын, 20-к-да япондордун тобу көчүп барып аралаша баштаган. Азыркы Б-да индеецтердин, африкалыктардын, европалыктардын мад-тынын элементтери сакталып калган. Антроп. жагынан Б. аралашкан расалык типке кирет.

БРАЗИЛИЯНЫН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (БКП) 1922-ж. 25—27-мартта Рио-де-Жанейро ж-а Нитерой ш-да өткөрүлгөн ушул партиянын 1-съездинде негизделген. Анын Коминтернге кошулушу (1924), башка боордош партиялар м-н байланыш түзүп, алардын тажрыйбасын үйрөнүшү БКПнын лениндик типтеги партия болуп калыптанышына көмөктөштү. БКП 30-жылдардын орто ченинде Бразилияда фаш. диктатуранын орношуна каршы, демокр. эркиндиктерди коргоо үчүн күрөштүн демилгечиси болду. 1943-ж. августта өткөрүлгөн БКПнын Улуттук конгресси партиянын катарын чыңдоодо, подпольеден чыгууга шарт түзүүдө зор роль ойноду. БКП 1945—47-ж. легалдык шарттарда иштеп, массалык партияга айлана баштады. Ошол кезде анын катарында 100 миңден ашуун коммунист болду; 1945-ж. парламенттик шайлоодо шайлоочулардын 12% коммунисттер үчүн добуш берип, 17 коммунист парламентке шайланган. Кийин партия кыйын куугунтуктоо шартында кайрадан жашырын иштей баштады. 1967-ж. декабрда БКПнын 6-съезди жашырын түрдө өттү. Азыркы кездеги Бразилиядагы саясий кырдаалды анализдөөнүн негизинде съездде кабыл алынган саясий рез-яда партиянын иштөө багыты белгиленет. Партия өтө кыйын кырдаалда да негизги саясий күч болуп саналып, демократия ж-а социализм үчүн эмгекчилердин күрөшүнө жетекчилик кылууда. БКПнын делегациясы Коммунисттик ж-а жумушчу партиялардын эл аралык кеңешмелерине (1957, 1960, 1969) катышкан. БКП демокр. централизмдин принциптеринде түзүлгөн, жог. органы — съезд. Ген. секретары — Л. К. *Престес*. Борб. басма сөз органы — «Вос оперария».

БРАЙАН — ЧАМОРРО ДОГОВОРУ (1914) — АКШ Никарагуага таңуулаган договор. 5-августта Вашингтондо АКШнын мамл. секретары У. Ж. Брайан ж-а Никарагуанын элчиси Э. Чаморро кол койгон. АКШ Никарагуанын терр-ясында океан аралык каналды курууга ж-а түбөлүк пайданууга, Кариб деңизиндеги Прейт-Корн ж-а Литл-Корн а-дарын 99 жылдык мөөнөткө арендалоого ж-а Фонсека булуңунда согуш-деңиз базасын курууга укук алган. Аралдар м-н база АКШнын бийлигине берилген. Никарагуанын терр-ясында канал курулган жок, бирок АКШнын Борб. Америкадагы экспансиясынын куралы болуп эсептелген договор күчүндө калган.

БРАККА ЧЫГАРУУ — 1) кары, кысыр, майып, кунарсыз малды бөлүү. Б. ч. чарбанын негизги багытына, малдын түрүнө, жашына ылайык жыл сайын жүргүзүлөт. Бракка чыгарылган мал борго байланып, этке төгүлөт. Карапайым уйдан 10—15%, асыл тукумунан 15—18% бракка чыгарылат. Сүт чарбасында кунажындын 50% бракка чыгарылып, калганы м-н тубар малдын саны толукталат. СССРде Б. ч-ну малды *бонитировкалоо* маалыматынын негизинде атайын комиссия жүргүзөт. Атайын акт түзү-

лүп, райондук а. ч. башкармасы бекитет. 2) Өнөр жайында мамл. стандартка ылайыксыз ж-а жараксыз буюмдар, тетиктер ж. б. атайын бөлүм аркылуу бракка чыгарылат.

БРАНДЕНБУРГ — ГДРдин аймагындагы тарыхый область. 10-к-да полаб славяндары м-н лютичтердин жерлерин герман феодалдары тартып алып, ошондон Б. княздыгы келип чыккан. Б-дун аты гаволян уруусунун борбор шаары Бранибордон алынган. 12-к-дын орто ченинде Б-ду герман феодалы Альбрехт Медведь каратып, Асканий маркграфтар династиясына негиз салган. 14—15-к-да Б. немец феодалдарынын башкы соода борбору болгон. 17-к-да Б. княздыгына Марк, Клеве, Равенсберг жерлери, Пруссия герцогдугу, Чыгыш Померания кошулган да, Бранденбург-Пруссия королдугу калыптанган. Б-дун соцку тарыхы *Пруссия* менен байланыштуу.

БРАНДЕНБУРГ — ГДРдин Потсдам округундагы шаар. Хафель д-дагы (Эльбанын куймасы) порт, маанилүү транспорт тоому. Калкы 93 миң (1970). Металлургия, металл конструкцияларын даярдоо, трактор, дарыя кемелерин куруу, химия, жыгач иштетүү, кагаз, токуу ж-а тамак-аш ө. ж-лары бар.

БРАНДСПОЙТ (голл. brandspuit — өрт өчүрүүчү насос) — өрт өчүрүү шлангасынын металлдан жасалган учу, к. *Өрт өчүрүү техникасы.*

БРАНДТ Вилли [өз аты-жөнү — Герберт Карл Фрам (18. 12. 1913-ж. т.)] — ГФРдин мамл. ишмери. Гимназияны бүтүрүп, Любекте газета кызматкери болуп иштейт. Жаш чагында с.-д. жаштар кыймылына катышкан. 1930-ж. Германиянын с.-д. партиясына өтөт. 1933-ж. Норвегияга, анан Швецияга (1940) эмиграцияга барып, журналисттик кесипте журөт. 1945-ж. Германияга кайтып келет. 1948-ж. Бат. Германиянын с.-д. партиясынын Бат. Берлиндеги өкүлү, 1958—62-ж. Берлиндин с.-д. партиясынын башкармасынын пред-ли болуп, 1957—66-ж. Бат. Берлиндин башкаруучу бургомистри, 1964-ж. с.-д. партиянын башкармасынын пред-ли. 1966—69-ж. коалициялык өкмөттүн (ХДС—ГСДП) вице-канцлери ж-а тышкы иштер министри. 1969—74-ж. ГФРдин коалициялык (ГСДП—ЭДП) өкмөтүнүн федералдык канцлери. Б-тын өкмөтү СССР ж. б. соц. өлкөлөр м-н мамилелерди жакшыртуу ж-а Европада оор абалды жеңилдетүүгө салым кошкондугу үчүн Б. Нобель сыйлыгын алууга татыктуу болду (1971). СССР м-н ГФРдин ортосундагы мамилелерди өнүктүрүү үчүн түзүлгөн договорго (1970) кол койду. 1974-ж. апрелде отставкага чыкты.

БРАНДЫС Анатолий Яковлевич (12. 8. 1923-ж. т., Нижнеднепровск) — эки жолу Сов. Союз. Баатыры (23. 2. ж-а 29. 6. 1945), полковник (1956), аскер илимд. кандидаты. 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. 1941-ж. июнда Сов. Армияга чакырылат. Аскер-авиац. учкучтар мектебин (1943) бүтүрөт. Улуу Ата Мек. согуштун учурунда учкучтан 75-гвард. штурмалоочу авиаполктун эскадрильясынын командирине чейин көтөрүлгөн. Б. душманга каршы 228-жолу учкан. Согуштан кийин Аскердик-аба академиясын (1950), Генштабдын академиясын (1959) бүтүргөн. Б. Ленин ордени, 4 Кызыл Туу, 1-дараж. Ата Мекендик Согуш, Александр Невский, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БРАННЕРИТ (амер. геолог Дж. Браннердин ысымынан аталган) — минерал. Хим. формуласы (U^{4+}, Ca, Th, Y) [$(Ti, Fe)_2O_6$]. *Моноклин системасында* кристалланат. Өңү кара, кээде сары күрөң. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 4,5—6,5. Салышт. салм. 5,43. Гранитте, пегматитте, аплитте, кварц тарамдарында, скарндарда кезигет. Б. — уран алынуучу руда.

БРАСС (фр. brasse, bras — кол) — колбутту горизонталь абалда тең кыймылдатып көкүрөк м-н сүзүү ыгы. Б-та сүзүүчү эки колун алдыга жиберип, алаканларын сууга каратып, чыканагын бир аз бүгүп, бет астына түш келгенде колдорун кошот. Отол мезгилде сыртка кайырган буттарын өзүнө тартып, шыйрак ж-а таманы м-н сууну таяныч кылып алдыга тартат. Сүзүүчү дайыма горизонталь абалында болуп, кол-буттары симметриялуу кыймыл жасайт. Сууга чеккендерге жардам берүү үчүн Б-ты колдонуп, кийимчен сүзүүгө болот. Б. 1903-жылдан бери Олимпиада оюндарынын программасына киргизилген.

БРАТИСЛАВА — Чехословакиядагы шаар, Словакия Соц. Респ-касынын борбору; экономикасы ж-а маданияты өөрчүгөн шаар. Дунай д-нын сол жээгинде. Калкы 285 миң (1971). Б. — негизги трансп. тоому (темир ж-а моссе жолдору өтөт), Дунайдагы ири порт. Ө. ж-ы (айрыкча химиялык) тез өнүгүүдө. СССРден «Достук» нефть түтүгү аркылуу келген нефти иштетүүчү ири «Словнафт» комбинаты иштейт. Мындан башка пластмасса, синтет. була. күкурт к-тасы, фосфор жер семирткичи, лак, боёк ж-а резина өндүрүлөт. Электр тех. ө. ж-ы (кабель, электр тех. ж-а радиотех. приборлор), станок жасоо, токуу ж-а тигүү, айнек ж-а жыгач иштетүү, мебель чыгаруу ишканалары, тамак-аш ө. ж-ы бар. Словакия ИАсы, ун-т, жогорку тех. окуу жайлар, театрлар, музейлер, улуттук галерея бар. 1945-жылдан кийин Б-да жаңы имараттар (турак жай ж-а ИАнын имаратынын комплекстери, «Девин» конок үйү, кышкы стадион ж. б.) курулган.

Археол. казуулар б. з. ч. 2—1-к-да мында *кельттер* тургандыгын ырасты жайгаша баштайт. Кийин 10-к-да Б. Пожонь деген ат м-н Венгрия королдугунун составына кирет. 13-к-да Б-ны немецтер колониялап алып, Пресбург аталат. Түрктөр Буданы басып алгандан кийин (1541) Б. — Венгрия королдугунун борбору, венгр королдору м-н архиепископторунун резиденциясы (1784-жылга чейин). 18-к-дын аягынан славяндардын улуттук-бошт. кыймылынын борбору. 1869-жылдан Б-да словак жумушчуларынын түңгуч бирикмеси («Напред» коому) түзүлөт; 1904-ж. словак жумушчуларынын түңгуч газетасы — «Работницке новини» чыгат. 1919-ж. 1-январдан Б. — бурж. Чехосл. Республикасында Словакиянын башкы шаары. Немец фаш. оккупация жылдары (1939—1945) фашисттчил клерикалдык мамлекеттин борбору. Сов. Армия Б-ны 1945-ж. 4-апрелде бошоткон. 1968-ж. 3-августа Б-да Болгария, Венгриянын, ГДР, Польшанын, СССР, Чехословакиянын Коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын окуялдорунун кецешмеси откорүлгөн.

БРАТСК — РСФСРдин Иркутск облдагы шаар. Братск суу сактагычынын жээгиндеги порт, т. ж. станциясы. Калкы 155 миң (1970). Братск — Тайшет ө. ж. түйүнүнүн бири. Алюм. з-ду, жыгач тилүү, целлюлоза, картон ө. ж. онүккөн. Целлюлоза-кагаз ж-а жыгач иштетүү техникуму, мед., пед., муз. окуу жайлары бар.

БРАТСК — Ангара д-да курулган Братск ГЭСинин плотинасынын курулушунан пайда болгон суу сактагыч. РСФСРдин Иркутск обл-да. Суу 1961-ж. толтурула баштап, долбоордун чегине 1967-ж. жетти. Аянты 5470 $км^2$, көлөмү 169,3 $км^3$, орт. терецд. 31 *м*. Суу сактагыч электр энергиясын өндүрүү м-н катар суу транспортуна, карагай агызууда, балык чарбачылыгында, ө. ж. ж-а коммуналдык керектөөлөрүн суу м-н камсыз кылууга пайдаланылат. Суу сактагычтын жээгинде Братск, Свирск, Усолье-Сибирск ш-лары жайгашкан.

БРАТСК ГЭСи Октябрдын 50 жылдыгы атындагы — дүйнөдөгү эң ири ГЭСтердин бири. ГЭС РСФСРдин Иркутск обл-дагы, Братск ш-нын жанындагы Ангара д-да курулган. ГЭСтин курулушу 1955-ж. башталып, 1961-ж. алгачкы 4 агрегаты ишке киргизилген. Долбоор кубаттуулугу 4500 *Мвт*. Жылына орточо 22,7 млрд. *квт·с* электр энергиясын чыгарат. 1967-ж. 1-январда ГЭСтин кубаттуулугу 4100 *Мвт* ка жеткирилип, 18 гидроагрегат орнотулган. ГЭСтин плотинасынын бийик. 124,5 *м*; суу сактагычынын аянты 5470 $км^2$ (к. *Братск суу сактагычы*). Б. г. к. келечекте Сибирдин экономикасынын өнүгүшү үчүн негизги энергет. база болуп кала берет.

БРАУЛЕЗ (гр. Braula — бит) — аарынын бит (браула) ылаңы. Дарт таза аарыга ылданган аарыдан жугат. Б. күзүндө, айрыкча кургакчылык убакта көп өөрчүйт. Аары бити улам көбөйүп, алардын денесин жаралантып тиричилигине зыян келтирет, эне аары урук чачуусун токтотот; иштөмчил аары уча албай, бал жыйноого жарабай калат. Диагноз лупанын же микроскоптун жардамы м-н аныкталат. Битке каршы нафталин, камфора, тимол пайдаланылат. Тамекинин түтүнү м-н ыштоо жакшы натыйжа берет. Б. м-н жабыркаган аарыны башка жакка которууга, сатууга тыюу салынып, карантин коюлат.

БРАУНИТ (немец илимпозу М. Браундун ысмынан) — татаал кычкылдардын тобуна кирүүчү минерал. Хим. формуласы болжол м-н Mn^{2+} Mn_6^{3+} SiO_{12}. *Тетрагон системасында* кристалланат. Өңү кара. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6—6,5. Салышт. салм. 4,7—5,0. Гидротермалык тарамдарда, марганец кычкылына бай метаморфизмделген чекме тоо тектерде ж. б-да кездешет. Б. — марганец рудасын пайда кылуучу негизги минерал.

БРАХИАНТИКЛИНАЛЬ (гр. brachys — кыска ж-а *антиклиналь*) — тоо тек катмарларынын антиклиналдык кыска бүктөлүүсү. Б-ды түзүүчү тоо тек катмарлары анын чет жагынан борб. сүйрү тегерек келип, анын борб. бөлүгүндө мурда пайда болгон, ал эми чет жактарында андан кийинки тоо тектер жайгашат. Б-дын туурасынын узунуна болгон катышы 1:10—1:3.



1. План. 2. АБ ж-а ВГ сызыктары б-ча кесилиш.

БРАХИСИНКЛИНАЛЬ (гр. brachys — кыска ж-а *синклиналь*) — тоо тек катмарларынын *синклиналдык* кыска бүктөлүүсү. Б-ды түзүүчү тоо тек катмарлары анын чет жагынан борб. болгүнө карай жантайыңкы жатат (к. схема). Б. планда эллипс сыяктуу сүйрү тегерек келип, анын борб. бөлүгүндө кийин пайда болгон, ал эми чет жактарында андан мурунку тоо тектер жайгашат. Б-дын туурасынын узунуна болгон катышы 1:10—1:3.



1. План. 2. АБ ж-а ВГ сызыктары б-ча кесилиш.

БРАХМАНДАР — 1) Байыркы Индияда курмандык чалуу каадасын башкарган кечилдер (жрецтер). Кул эзелоочулук коомдо сословиелер (варна) калыптанганда, Б. өзүнчө кастага бириги, «тандамал кишилербиз» деп өздөрүн башкалардан өйдө коюшкан. Феодализм тушунда, б. а. сословиелик-касталык түзүлүш орногондо, Б. каста иерархиясындагы эң жогорку баскычты ээлешкен. 2) Веда ад-тына (байыркы индиялык жазма эстеликтерге) тиешелүү касиеттүү деп эсептелген чыг-лар жыйнактары. Б-дын тексттери болжолу б. з. ч. 8—6-к-да жаралгандыктан, байыркы Индия прозасынын адепки үлгүлөрүнөн деп эсептелет. Булардагы кудайлар, алптар же дүйнөнүн жаралышы ж-догу жомоктордо ж-а уламыштарда байыркы Индиянын социалдык ж-а маданий тарыхы б-ча маалыматтар кездешет. Өзөлордун эң баалуусу — «Шатапатха-брахмана».

БРАХМАНИЗМ — соцку веда дининин аты; Байыркы Индияда (б. з. ч. мицинчи жылдардын башында) кул эзелоочулук мамилелердин өөрчүшүнөн ж-а жерг. элдин дининин таасиринен веда дини кыйла өзгөрүп кеткен. Б-ге мүнөздүү перспе — көп кудайга, анимисттик, тотемисттик көз караштарга ж-а ата-бабага сыйынуу. Б-дин негизги кудайлары: Брахма, Шива, Вишну. Б-дин негизинде жандуулардын бардыгы өлгөндөн кийин жаңы көчүп, жакшы жаңга конулуп, кайрадан тирилет деген түшүнүк жатат. Б. адам кайрадан тирилгенде, өмүрүндө кылган жакшы ишине карай коомдо жогорку орунга ээ болот же асманга учуп кетет, жаман ишине карай коомдо төменкү орунга түшөт жо курт-кумурскага, өсүмдүккө айланат дейт. Б. коомдук теңсиздикти жактап, аны кудайдын өзү жаксаган деп жарыялаган. *Буддизмге* каршы күрөштө ж-а анын таасиринен Б. бара-бара *индуизмге* айланды.

Ад.: Барт А., Религии Индии, [пер. с франц.], М., 1897; Ильин Г. Ф., Религия древней Индии, М., 1959; Радхакришнан С., Индийская философия, т. 1, пер. с англ., М., 1956.

БРАХМАПУТРА (санскритче — Брахма кудайынын уулу) — Кытай, Индия ж-а Бангладештин аймагындагы ири дарыя. Уз. 2900 *км*, алабынын аянты 935 миң $км^2$. Гималайдын түн., Кайлас кырка тоосунун түш. капталдарынан агып чыккан бир нече суу Омбу кыштагы чендө бир пукка (4860 *м* бийиктикте) биригип, Б-нын башкы агымын түзөт. Джамда д-сы кошулган жеринен төмөнүрөөк (95° чыг. узундук ченде) Тангла ж-а Гималай тоолорунун тармактарын кесип, терең капчыгайлар аркылуу шар агат. Бул жерде көп босоголорду, шаркыратмаларды пайда кылат. Ганг өрөөнүндө Ганга д-сы м-н кошулуп, кеципи дельтаны пайда кылып (80 миң $км^2$), Бенгал булуңуна куят. Ири куймалары: Нау, Чорта-Цангпо, Рага-Цангпо, Джичу, Джамда, Лухит, Капили, Манас, Тиста, Ньянгчу, Субансири, Каменг. Б. муз, кар сууларынан ж-а жаан-чачындан куралат. Жаз ж-а жай айларында суусу көбөйүп, кышында азаят. Жылдык орт. чыгымы 12 миң $м^3/сек$, эң көбү 15 миң $м^3/сек$, эң азы 4 миң $м^3/сек$. Сугатка пайдаланылат, чатынан 1290 *км* ге чейин кеме журөт. Жээгинде Шигацзе (Кытай), Дибругарх, Тезпур, Гувахати (Индия) ш-лары жайгашкан.

БРАШОВ — Румыниянын Брашов у-нин админ. борбору. Калкы 172,3 миң (1968-ж., шаар айланасы м-н 200 миңден ашык); өлкөдөгү Бухарестен кийинки ө. ж-луу шаар. Машина куруу (автомоб.-трактор ж-а станок куруу, подшипник чыгаруу, нефть жабдуулары ж. б.), жүн ж-а кебездеген кездеме токуу, ири тамак-аш, химия нефть иштетүүчү ж-а курулуш материалдарын чыгаруучу ө. ж. бар. Б. 1252-жылдан бери белгилүү.

БРЕГГ-ВУЛЬФ ШАРТЫ — кристаллдын бетинен толкун узундугу өзгөрүлбөстон чачыраган рентген нурларынын интерференция максимумдарынын багытын аныктоочу шарт. Ал $2dsin\theta = n\lambda$ формуласы м-н туюнтулат. d — торчонун туракчуулугу, λ — рентген нурунун толкун узундугу, θ — чагылдыруучу тегиздик м-н түшкөн нур багытынын ортосундагы бурч, n — чагылуу тартиби, ал дайыма оң ж-а бүтүн сан. Б.-В. ш-н орус илимпозу В. Вульф ж-а англис П. Брегг 1913-ж. ар бири өз алдынча аныкташкан. Б.-В. ш. ачылгандан кийин гана рентген нурун рентген-структуралык ж-а рентген-спектрдик анализдерге колдонууга мүмкүндүк болду.

БРЕДЕЛЬ Вилли (1901—1964) — немец (ГДР) жазуучусу. 1917-ж. «Спартак союзуна» өтөт. 1920-жылдан Германия компартиясынын мүчөсү. Гамбург көтөрүлүшүнүн катышуучусу. Түрмөдө (1930—32) «Машина куруучу завод» (1930), «Розенхоф көчөсү» (1931), «Менчикти сактоо параграфы» (1933) романдарын жазган. 1934-ж. СССРге көчүп келип, «Сыноо» (1935), «Сенин белгисиз тууганың» (1937) аттуу белгилүү романдарын жараткан. 1936—39-ж. Испаниядагы согушка катышкан. Б. — «Туугандар ж-а тааныштар» трилогиясын (1941—53), «Эрнст Тельман» (1947), «50 күн», «Виталиялык бир туугандар» (1950), «Сен үчүн, эркиндик» (1959) аттуу повесттер м-н романдардын автору. Эки жолу Улуттук сыйлыктын лауреаты, ГСБП (СЕПГ) БКнын мүчөсү, ГДРдин элдик палатасынын депутаты болгон.

БРЕДИХИН Фёдор Александрович (26. 11. 1831—1. 5. 1904) — орус астроному, Петербург. ИАнын акад. (1890; мүче-корр. 1877), проф. (1865). 1855-ж. Москва ун-тин бүтүргөн. Москва ун-тиндеги обсерваторияга (1873), кийин Пулковдогу астрон. обсерваториянга директор (1890). Б-дин пл. изилдөөлөрү астрономиянын өзөл кездеги негизги бөлүмдөрүн ичине алган

(мис.: кичине планеталардын абалын так аныктоо, астрофизика б-ча Күндүн хромосферасы, тактары ж-а факелдер, Юпитер м-н Марстын сырткы бети, комета ж-а туманduулуктардын спектрлери ж-дегу изилдөөлөр). 1886—90-ж. Б. Жаратылышты изилдөө коомуна президент. Орус астрономия коомуна (1891) ж-а Геогр. коомуна (1891) мүчө. Ал Галлдагы Немец академиясынын жаратылышты изилдөөчүлөрүнүн «Леопольдина» коомуна (1883) анык мүчө ж-а Англиядагы Короолдук астрон., Ливерпуль астрон. (1884), Итал. спектроскопчулар коомуна мүчө-корр. болгон. СССР ИАнын Президиуму (1946) астрон. өзгөчө ил. иштер үчүн берилүүчү Ф. А. Бредихин атн. сыйлыкты белгиледи.

Ад.: Левин Б. Ю., Фёдор Александрович Бредихин, в кн.: Люди русской науки. Очерки о выдающихся деятелях естествознания и техники. Математика. Механика. Астрономия. Физика. Химия, М., 1961; Зигель Ф. Ю., Фёдор Александрович Бредихин. Его жизнь и деятельность, М., 1957.

БРЕЖНЕВ Леонид Ильич (19. 12. 1906-ж. т.) — Коммунисттик партиянын ж-а Совет мамлекетинин, эл аралык коммунисттик ж-а жумушчу кыймылынын иштери, КПСС БКнын Ген. секретары, БКнын Саясий бюросунун мүчөсү. Сов. Союз. Баатыры (1966), Соц. Эмг. Баатыры (1961); Сов. Союз. Маршалы (1976). Комсомолго 1923-ж. кирген, 1931-жылдан КПССтин мүчөсү.

Каменский с-да (азыр Днепродзержинск ш.) жумушчу-металлургдун үй-бүлөсүндө туулган. 1927-ж. Курскидеги жер жайгаштыруу-мелиорация техникумун бүтүрүп, Орша округунун (БССР) Кохановск р-нунда жер жайгаштыруучу, Курск губ-да ж-а Уралда райондук жер бөлүмүнүн башчысы; Бисертск райондук советинин аткомунун пред-лиинин орун басары, Урал обл. жер башкармасынын начальнигине биринчи орун басар болгон. 1935-ж. Днепродзержинск металлургия ин-тун бүтүрүп, ушул эле шаардагы металлургия з-дында инженердик кызматка калтырылган. 1937-ж. май айында Днепродзержинск шаар советинин аткомунун пред-лине орун басар. 1938-ж. майдан Украина КП(б) Днепропетровск обкомунун бөлүм башчысы, 1939-ж. февралдан анын секретары.

Улуу Ата Мек. согуштун (1941—45) алгачкы күндөрүнөн эле Л. И. Брежнев согушта жүрдү: Түш. фронтунун Саясий башкармасынын начальнигине орун басар, 18-армиянын Саясий бөлүмүнүн начальниги, 4-Украина фронтунун Саясий башкармасынын начальниги, Кавказ, Карадениз бою, Крым, Украинадагы майдандарга, о. эле Чехословакия, Польша ж-а Венгрияны бошотуудагы согуштарга катышты. 1945—46-ж. Прикарпат аскер округунун Саясий башкармасынын начальниги. 1946-ж. эл чарбасын калыбына келтирүү б-ча



Л. И. Брежнев.

жетекчилик ишке жиберилген. 1946-ж. августта Запорожье, 1947-ж. ноябрдан Днепропетровск обкомдорунун биринчи секретары.

Л. И. Брежнев 1950-жылдын июлунан Молдавия КП БКнын биринчи секретарлыгына көтөрүлүп, респ-канын о. жайын өнүктүрүүгө, а. ч-сын соц. негизде кайра куруугa, маданын өркүндөтүүгө башчылык кылат. КПССтин 19-съездинде ал БКнын мүчөсү, БКнын Пленумунда (1952-ж. окт.) КПСС БКнын Президиумунун мүчөлүгүнө кандидат ж-а БКнын секретары болуп шайланат. 1953-ж. мартган Сов. Армиянын ж-а Аскердениз флотунун Башкы саясий башкармасынын начальнигине орун басар. 1954-ж. февралдан (дың ж-а кыр-сыр аңыз жерлерди өздөштүрүү мезгилинде) Л. И. Брежнев Каз-н КП БКнын экинчи, ал эми 1955-ж. августтан биринчи секретары болуп иштейт. КПССтин 20-съездинде Л. И. Брежнев КПСС БКнын мүчөсү, КПСС БКнын Пленумунда (1956-ж. февр.) КПСС БКнын Президиумунун мүчөлүгүнө кандидат ж-а БКнын секретары болуп шайланат. 1958-жылдан КПСС БКнын РСФСР б-ча Бюросунун пред-лине орун басар. 1957-ж. июндан КПСС БКнын Президиумунун мүчөсү. Ал оор о. ж. м-н курулушту өнүктүрүү, өлкөнүн куралдуу күчтөрүн жаңы күжүрмөн техника м-н жабдуу, космонавтика маселелерин тейлеп турган.

КПССтин 22-съездинде Л. И. Брежнев БКнын мүчөсү, ал эми БКнын Пленумунда (1961-ж. окт.) КПСС БКнын Президиумунун мүчөсү болуп шайланат. 1960-жылдын майынан 1964-жылдын июнуна чейин СССР Жог. Советинин Президиумунун Пред-ли, ошол эле мезгилде (1963-ж. июндан) КПСС БКнын секретарлык кызматын коштo аткарат. Мамл. аппаратты өркүндөтүү, соц. демократияны өнүктүрүү, закондуулукту чыңдоо б-ча зор жумуштарды жүргүзөт.

КПСС БКнын Октябрь пленуму (1964) Л. И. Брежневди КПСС БКнын биринчи секретары кылып шайлады. 1964-ж. ноябрда ал КПСС БКнын РСФСР б-ча Бюросунун пред-ли болуп бекитилди. КПСС БКнын Март (1965) ж-а Май (1966) пленумдарында Л. И. Брежнев жасаган докладдарда а. ч-сын тез өнүктүрүү жагынан партиянын жаңы экон. саясаты көтөрүлдү. КПССтин 23-съездинде (1966-ж. март — апр.) Л. И. Брежнев отчеттук доклад жасап, анда 1966—70-ж. СССР эл чарбасын өнүктүрүүнүн 8-беш жылдыгынын башкы милдеттери ж-а тышкы саясаттын негизги принциптери белгиленди. Съезд Л. И. Брежневди БКнын мүчөсү, БКнын Пленуму (1966, апрель) КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү ж-а аның Ген. секретары кылып шайлады. КПСС БКнын, СССР ж-а РСФСР Жог. Советтеринин 1967-ж. 3-ноябрда болгон салтанаттуу коштo заседаниесинде Л. И. Брежнев «Социализмдин улуу жеңишинин 50 жылдыгы» деген доклад жасап, Сов. Союзунун жарым кылымдагы соц. өнүгүү жолун жыйынтыктап, коммунисттик коомду куруунун кезектеги милдеттерин белгиледи.

Коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын 1969-ж. июнда Москвада өткөн эл аралык кеңешмесин даярдоо ж-а өткөрүү б-ча Л. И. Брежнев зор иштер аткарып, кеңешмеде КПССтин делегациясына башчылык кылды. Аның кеңешмедеги сөзү программалык мүнөзгө ээ болду.

В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына байланыштуу КПСС БКнын, СССР ж-а РСФСР Жог. Советтеринин 1970-ж. 21-апрелдеги салтанаттуу коштo заседаниесинде Л. И. Брежнев «Ленин дин иши жашап жана жеңип жатат» деген доклад жасады. Бул заседаниеге 102 коммунисттик, улуттук-демокр. ж-а соц. партиялардын өкүлдөрү катышты.

Партиянын 24-съездине (1971-ж. март — апр.) жасаган КПСС БКнын отчеттук докладында Л. И. Брежнев учурдагы эл аралык кырдаалга ж-а өлкөнүн өнүгүшүнүн жыйынтыктарына илимий анализ берди; СССРдин эл чарбасын (1971—75) өнүктүрүүнүн 9-беш жылдыгынын негизги милдеттерин белгиледи; империализмдин агрессиячыл саясатына каршы, бардык элдердин коопсуздугу үчүн, бүткүл дүйнөдө тынчтык үчүн күрөшүүгө багытталган тынчтыктын кеңири Программасын жарыя кылды. 24-съезд Л. И. Брежневди БКнын мүчөсү, БКнын Пленуму (1971-ж. апр.) КПСС БКнын Ген. секретары кылып шайлады.

СССРдин лениндик тышкы саясатын иштеп чыгууда ж-а ишке ашы-

рууда Л. И. Брежнев көрүнүктүү роль ойнойт. Көп мамлекеттердин жетекчи иштерлери м-н өз ара байланыш жасоо жагынан иштери, бышык жеткен эл аралык проблемаларды жөнгө салууда конструктивдүү кадамдар м-н агрессияга чечкиндүү сокку берүү саясатын айкалыштыра билиши аны жалпыга таанымал кылды. 1972, 1973, 1974-ж. АКШнын президенттери м-н Л. И. Брежневдин сүйлөшүүлөрүнөн улам маанилүү документтерге кол коюлуп, эл аралык оорчулукту жеңилдетүү ж-а өз ара пайдалуу кызматташтык үчүн жакшы обөлгөлөр түзүлдү.

Турмуштук бай тажрыйбасы ж-а зор уюштуруучулук таланты м-н Л. И. Брежнев Коммунисттик партиянын ж-а Совет мамлекетин чыңдоо үчүн талыкпай эмгектенип жатат. Ал партиялык ж-а мамл. курулуштун лениндик нормаларын өнүктүрүү, иште коллективдүүлүк принциптерин орнотуу, а. ч-сына жетекчиликти жакшыртуу, өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү, эмгекчилердин турмушун ж-а мад-тын жогорулатуу, эл достугун чыңдоо, СССРдин коргонуу кучкубатын күчөтүү б-ча маанилүү чаралардын иштелип чыгышына ж-а жүзөгө ашырылышына түздөн-түз катышты.

Л. И. Брежнев — СССР Жог. Советинин (3—9-шайл.) депутаты, СССР Жог. Советинин Президиумунун мүчөсү. Тынчтыкты сактоо ж-а чыңдоо ишиндеги зор эмгеги үчүн «Элдердин ортосунда тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн» эл аралык Лениндик сыйлыкты (1973), Ф. Жолио-Кюри атн. «Тынчтыктын алтын медалын» (1975) алган. 1973-ж. 8-сентябрда Л. И. Брежневге Болгар Эл Респ-касынын Баатыры деген наам берилди. Бул соц. мытымакты чыңдоо ишинде аның эмгегин белгилөөнүн айкын далили болду. Л. И. Брежнев 4 Ленин ордени, 2 Кызыл Туу ордени, Богдан Хмельницкий, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган, о. эле Чехословакия Соц. Респ-касынын, Польша Эл Респ-касынын, Куба Респ-касынын, ГДРдин жог. даражадагы сыйлыктары м-н сыйланган.

Тыг.: Лениндик жол менен, 1—4-т., Фр., 1970—74; КПССтин жана Совет мамлекетинин тышкы саясаты жөнүндө, Фр., 1974; Партиялык курулуштун актуалдуу проблемалары жөнүндө, Фр., 1973; Ленинским курсом, т. 1—4, М., 1970—74; КПСС в борьбе за единство всех революционных и миролюбивых сил. Сб. статей и выступлений, М., 1972.

БРЕЗЕНТ (голл. presenning) — кендир же кебезден токулган суу өткөрбөөчү материал. Ал жапкыч катарында, о. эле атайын кийимдерди, бут кийимдерди даярдоодо колдонулат.

БРЕЙТ-ВИГНЕР ФОРМУЛАСЫ — ядролук реакциянын козгоочу белүкчөлөрдүн энергиясына жараша ядролук реакциянын жүрүү ыктымалдыгын аныктоочу формула. Аны амер. физиктер Г. Брейт, Ю. Вигнер 1936-ж. сунуш кылган, к. *Ядролук реакция.*

БРЕКЧИЯ (итал. breccia — сындыруу, талкалоо) — тоо текстердин 1 *см* ж-а андан чоңураак өлчөмдөгү жумурулanбаган кырдуу сынык-чаларынан цементтелип түзүлгөн тоо тек. Б. бир же бир нече тоо тек сынык-тарынан турат. Пайда болушуна жараша Б.— чөкмө, жанар тоо-чөкмө ж-а тектоникалык болуп айырмаланат. Көчүлүк бөлүгү айбанаттардын сөөктөрүнөн турган чөкмө Б. фосфор жер семирткичи, ал эми жанар тоо-чөкмө Б-сынын кээ бир түрү курулуш материалы катары колдонулат.

БРЕМЕН — ГФРдеги шаар. Калкы 606 миң (1969). Везер д-дагы ири порт, шоссе ж-а т. ж. тоому, аэропорт бар. Кеме верфи ж-а самолёт, автомоб. жасоо, кара металлургия, нефть иштетүү з-ддору, машина, электр тех., текстиль, тамак-аш ж-а тамеки о. ж-лары өнүккөн. Курулуш, инженердик ж-а моряктарды даярдоочу мектептери бар.

БРЕМЕН СОВЕТ РЕСПУБЛИКАСЫ (БСР) — Германияда рев-чыл күрөш өөрчүгөн кезде, 1919-ж. 10-январда Бремен жумушчулары жарыялаган соц. респ-ка. Аның өкмөтү — Элдик өкүлдөр совети (3 коммунист, «Көз каранды эмес» с.-д. партиянын 3 мүчөсү, партияда жок 3 солдат) ж-а эл комиссарыаттары түзүлгөн; жумушсуздарга акчалай жардам берүү, жумушчуларга эмгек акыны көбөйтүү б-ча чаралар иштелген. Рев-чыл өзгөртүүлөргө «Көз каранды эмес» социал-демократтардын оңчул лидерлери тоскоол кылышкан. Январдын аягында Германия өкмөтү Бременге каршы жазалоо дивизиясын жиберген. «Көз каранды эместердин» лидерлери капитулянтчыл позицияда тургандыктан, Бремен Германияның башка жерлери м-н байланыша албай калгандыктан, 1919-ж. 4-февралда БСР кулаган.

БРЕННЕР — Эцталь ж-а Циллерталь Альпысынын ортосундагы (Чыг. Альпы тоолорунда) ашуу. Австралия м-н Италиянын чек арасында. Бийикт. 1371 *м*. Б-дегн тешкен тоо аркылуу Инсбрук (Австрия) — Больцано (Италия) темир ж-а шоссе жолдору өтөт.

БРЕСТ — БССРдин Брест обл-ның админ. борбору; Мухавец суусунун Буг д-на куйган жеринде, СССР м-н Польшанын чек арасында. Калкы 185 миң (1972). Эл аралык т. ж., аба, суу транспортунун тоому. 1970-ж. шаарда 35 ири о. ж. ишканасы иштеп, областта өндүрүлүүчү о. ж. продукциясынын 26%ын өндүргөн. Прибор жасоочу (электр чеңеечу приборлор, электр лампа, газ аппараттар з-ддору), жеңил (килем, байпак, сукно, трикотаж ф-калары), тамак-аш (эт комбинаты, ликер-арак з-ддору) о. ж. өнүккөн. Пед., курулуш-инж. ин-ттар, мед. окуу жайлар, драма театр, Брест чебин коргоо ж-а край таануу музейлери бар.

БРЕСТ ОБЛАСТЫ БССРдин составында 1939-ж. 4-декабрда түзүлгөн. Респ-канын түш.-батышында, СССР м-н Польшанын чек арасында. Аянты 32,3 миң *км*². Калкы 1295 миң (1970). Админ. жагынан 16 районго бөлүнөт. 14 ш. т. посёлок бар. Борбору — Брест ш.

Б. о. Чыг. Европа түздүгүнүн бат. бөлүгүндөгү кызыл карагайлуу ж-а жазы жалбырактуу токой зонасында жайгашкан. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы түш.-батышында — 4,5°С, түн.-чыгышында — 5,5°С, июлда 18,5°С. Жылдык жаан-чачыны 550—650 *мм*. Суулары негизинен Днепр, Неман, Бугдун алабына кирет. Ири дарыясы — Припять (Днепрге куят), аның куймалары: Стырь, Горынь, Пина, Ясельда ж. б. Полесьеде көлдөр көп (Выгоновск, Черное, Споровск ж. б.). Жери чым көң ж-а чым көң-саз топуракту келет. Терр-ясынын 35% токой (кээ бир р-ндордо токой 40—50%). Токойлордо коён, тыйын чычкан, түлкү, кундуз ж. б. кездешет. Областтын түн.-батышында Беловеж чер токой коругу бар.

Калкынын көбү белорус; орус, поляк, еврей ж. б. жашайт. Орт. жышт. 1 *км*² жерге 40,1 киши. Шаар калкы 35% (1970). Ири шаарлары: Брест, Барановичи, Пинск, Кобрин ж. б.

Ө. ж. өндүрүшүнүн структурасында тамак-аш 35%, жеңил ө. ж. 33%, металл иштетүү 12%, токой ж-а жыгач иштетүү 8% түзөт. А. ч-нын негизги тармагы — мал чарбасы; үй, чочко көп багылат. Сыгыр, кара буудай, картошка, тоют өсүмдүктөрү, кант кызылчасы айдалат. Областтын транспортунда т. ж. зор маанige ээ. Аның уз. 1050 *км* (1969). Шоссе жолу 10,5 миң *км* (1968). Областтын терр-ясынан «Достук» ж-а «Дашава — Минск» нефть ж-а газ түтүктөрү өтөт.

БРЕСТ ТЫНЧТЫГЫ (1918) — Брест-Литовскиде (азыр Брест) Германия, Австрия-Венгрия, Болгария ж-а Турция м-н Россиянын ортосунда 1918-ж. 3-мартта түзүлгөн тынчтык договору. 1917-ж. 26-октябрда (8-ноябрь) Советтердин бүткүл росс. 2-съездинде тынчтык ж-дө Декрет кабыл алынды. Анда Совет өкмөтү токтоосуз тынчтык үчүн сүйлөшүүлөрдү баштоону согушкан жаткан мамлекеттерге сунуш кылды. Бул сунушту Антанта өлкөлөрүнүн кабыл албай коюшу 20-ноябрда (3-дек.) Совет өкмөтүн тынчтык ж-дө Германия м-н сепараттык сүйлөшүүгө аргасыз кылды. Германия өзүнүн согуштук ж-а ички абалын жакшыртыш максатында сүйлөшүүлөрго макул болду. 9(22)-декабрда тынчтык ж-дегу сүйлөшүүлөр башталды. Сов. делегация аннексиясыз ж-а контрибуциясыз тынчтык договорун түзүүнү сунуш кылды. Германиянын делегациясы бул сунушка макул болбой, 150 миң *км*² ден ашык терр-яны Германияга берүүнү талап кылды. В. И. Ленин ошол учурдагы абалды толук

түшүнүп, Германиянын талабын орундатууну ж-а тынчтык договоруна кол коюуну зарыл деп эсептеди. Тынчтык договоруна кол коюуга Л. Д. Троцкий ж-а Бухарин башында турган «солчул коммунисттер» каршы чыгышты. Брест-Литовскидеги сов. делегацияга башчылык кылган Троцкий В. И. Ленindин корсөтмелерүнө карабастан, Германиянын ультиматумун кабыл алган жок. Бул шарттан пайдаланып 18-февралда Германиянын аскерлери бүткүл чыг. фронту б-ча чабуулга өттү; ошол эле күнү РКП(б) БКнын заседаниеси болуп, В. И. Ленindин сунушу кабыл алынып, 24-февралда Германия договорго кол коюуга макул болду. Договордогу оор шарттарга карабастан, 3-мартта сов. делегация ага кол койду. Бул договор б-ча Россиядан Германияга Литва, Польша ж-а Белоруссия м-н Латвиянын бир бөлүгү кетти. Ошону м-н бирге Германия Латвияга, Эстонияга өз аскерлерин киргизүүгө ж-а Рига булуңун, Моонзунд а-дарын ээлеп турууга, сов. аскерлер Украинадан, Финляндиядан, Аланд а-дарынан, Батумдан чыгып кетүүгө тийиш болду. Бардыгы болуп Сов. Россия 1 млн. $км^2$ жерден ажырады. Мындан башка 6 млрд. марка контрибуция төлөмөк болду. Брест договору Сов. Россияга согуштан убактысынча тыныгуу үчүн, жаш Совет мамлекетин экон. жактан чыңдоо үчүн керек эле. 1918-ж. Германиядагы *Ноябрь революциясы* императар Вильгельм IIнин бийлигин кулатты, 1918-ж. 13-ноябрда Совет өкмөтү Б. договорун жойду.

Ад.: Ленин В. И., Бактысыз тынчтык жөнүндөгү маселенин тарыхына карата, Чыг., кырг. бас., 26-т.; Никольников Г. Л., Выдающаяся победа ленинской стратегии и тактики (Брестский мир: от заключения до разрыва), М., 1968.

БРЕСТ УНИЯСЫ (1596) — *Речь Посполитаяның* терр-ясында католик ж-а православие чиркөөлөрүнүн бирикмеси. Бреттеги чиркөө соборунда кабыл алынган. Б. у-ның түзүлүшүнө православие дин чилеринин өз абалын бекемдөөгө умтулушу, украин ж-а белорус элдеринин антифеод. күрөшүнөн чочулаши себеп болгон. Бул уния 6-ча Украина м-н Белоруссиянын православие чиркөөлөрү Рим папасын башчылыгы деп таанышган. Бирок дыйкандар, казак орустар, мещандар, православие дининдеги шляхтанын ж-а майда дин чилеринин бир даары, а түгүл укр. айрым ири феодалдар да униянын түзүлүшүнө каршы чыгышкан. Офиц. түрдө Б. у. 1946-ж. Львовдогу чиркөө соборунда жоюлган.

БРЕСТ ЧЕБИ — Брест ш-ның (БССР) жанындагы баатыр чеп; Мухавецтин Буг д-на куя берген жеринде. Чеп 1833-ж. курула баштаган. 19-к-дын 2-жарымында, 20-к-дын башында бир нече ирет бекемделип, жаңыртылган. 1-дүйн. согушта (1914—18) өзүнчө курулган айрым бекинүү жайынан, форттордон турган бекем чепке айланды. 1919—39-ж. чеп Польшанын карамагында туруп, 1939-ж. СССРге кайтарылган. Б. ч. Ата Мек. согушта 28 сутка бою (1941-ж. 22-июнь — 20-июль) баатырдык коргонуусу м-н даңкы чыккан.



Брест чебинин баатырларча коргонуусу.

Согуш башталган күнү мында 3,5 миң киши́ден турган 42- ж-а 6-аткыч-тар дивизиясынын айрым бөлүктөрү м-н чек арачылар өздөрүнөн алда канча көп душмандын соккусуна туруштук берген. Коргонууга майор П. М. Гаврилов, капитан И. Н. Зубачев ж-а полк комиссары Е. М. Фомин жетекчилик кылган. Б. ч-нин баатыр коргоочулары адам чыдагыс шарттарда (суусуз, тамаксыз, дары-дармексиз) согушуп, зор жоготууларга карабастан, бир ай бою душмандын бир дивизиясын токтотуп турушкан. Алардын көбү баатырларча курман болгон, бир даары партизандарга кошулган, алсырагандары ж-а оор жарадарлары гана туткунга түшкөн. Б. ч-нин баатырдык коргонуусу — сов. жоокерлердин майышпастыгына, тайманбас эрдигине айкын мисал; Ата Журтка берилген, эл үчүн жан кыйышкан уулдардын чыныгы легендардык эрдигин көрсөттү. Б. ч-не 1965-ж. 8-майда «Баатыр чеп» деген ардактуу наам берилген, Ленин ордени ж-а «Алтын Жылдыз» медалы м-н сыйланган.

Ад.: Смирнов С. С., Герои Брестской крепости, М., 1961.

БРЕТАНЬ — Түн.-Бат. Франциядагы жарым арал. Аны Ла-Манш кысыгы м-н Атлантика океаны чулгап турат. Көпчүлүк болгун Арморикан деңсоосу (бийик. 391 *м* ге чейин) эзелейт. Жээктери жапыз жардуу. Климаты жумшак, мелүүн ж-а нымдуу. Эмен, бук токойлору өсөт. Мал чарбачылыгы, балык кармоо, дыйканчылык өнүккөн. Ири порттору: Нант, Брест.

БРЕТОНДУКТАР — Франциядагы (Бретань ж. а-да) эл. Жалпы саны 1,1 млн-го жакын (1967). Өз тилинде күндөлүк турмушта көбүнчө дыйкандар м-н моряктар сүйлөшөт. Мектепте, администрацияда, маданий турмушта француз тилин колдонот. Б. католик дининде. Алар — Британ а-дарынан 5—6-к-да жер оон келген бриттердин кельт уруусу м-н жерг. романдыктар аралашкан кельттердин тукумдары. А. ч-чылык, балык кармоо м-н күн көрүшөт.

БРЕХТ Бертольт (10. 2. 1898, Аугсбург,— 14. 8. 1956, Берлин) — немец жазуучусу, иск-во теоретиги, театр ж-а коомдук ишмери. Фабрика директорунун үй-бүлөсүндө туулган. Мюнхен ун-тинин мед. ф-тетинде окуган. Чыг-лыгын 1914-жылдан баштаган. Б. «Курман болгон солдат жөнүндө легенда» (1918) аттуу согушка каршы жазылган сатиралык балладасы м-н элге кеңири таанылат. *Экспрессионизмге* полемика катары жазаган «Ваал» (1918), «Түнкү барабан үнү» (1922), «Шаар уюктарында» (1924) пьесаларын жарыялайт. Бул жылдары Б. марксизм-ленинизмди үйрөнүп, соц. рев-яга өз чыг-ларын арноого ниеттенет. Б-тин көз карашындагы коомдук, филос., саясий өзгөрүштөр «Ал солдат менен бул солдатта эмне айырма» (1927) пьесасы м-н «Махагони» муз. комедиясында ачык көрүндү. Тынымсыз чыг-лык изденүү м-н жашаган Б. «илим доору м-н революциянын» театры үчүн «эшкалык театрдын» теориясын иштеп чыгууга киришет. Фашисттер өкмөт башына келгенден кийин (1933) ал Германиядан качып кетет. Анын эмиграцияда жүргөн жылдары «көрүүчүлөрдүн өз алдынча рев-ячыл сын ойлоруп ойготууга» умтулуп, «Сезуандык мээримдүү киши» (1938—40), «Артур Уинин карьерасы» (1941) драма-тамсилдерин, «Кураж эне жана анын балдары» (1939), «Галилейдин турмушу» (1938—39) «Пунтилла төрө жана анын малайы Матти» (1940) ж-а «Швейк экинчи дүйнөлүк согушта» (1944) ж. б. дүйнөгө белгилүү нукура жаңычыл чыг-ларын жазат. Эмиграциядан келип, 1949-ж. атактуу «Берлиндик ансамбль» театрын уюштурат. Б. 1951-ж. ГДРдин 1-дараж. Улуттук сыйл., 1954-ж. «Элдердин ортосундагы тынчтыкты чыдагандыгы үчүн» Эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты болгон.

Чыг.: Стихи. Романы, Новеллы. Публицистика, М., 1956; Театр. [Пьесы, Статьи], т. 1—5, М., 1963—65.

Ад.: Клюев В. Г., Б. Брехт — новатор театра, М., 1961; его же, Театрально-эстетические взгляды Брехта, М., 1966; Копелев Л., Брехт, М., 1965.



Б. Брехт.

БРИАНШОН ТЕОРЕМАСЫ—экинчи тартиптеги сызыктын сыртына сызылган ар кандай алты бурчтуктун карама-каршы чокуларын туташтыруучу түз сызыктардын бир чекитте (Брианшон чекитинде) кесилиши. Б. т. франц. матем. Ш. Ж. Брианшондун ысмы м-н аталган. Б. т.— проекциялык геометриянын негизги теоремаларынын бири.

Ад.: Ефимов Н. В., Высшая геометрия, 4 изд., М., 1961.

БРИГАДА (фр. brigade, итал. brigata — топ, отряд) — 1) куркактагы аскерде бир нече батальон (дивизиядон) же полктон ж-а атайын аскер бөлүкчөлөрүнөн турган бирикме. Б. мото аткыч (жөө аскер), танкалык, артилл., инженердик, аба-десанттык, деңиз жөө аскери ж. б. болуп бөлүнөт. 2) Аскер-деңиз флотунда Б.— бир класстагы аскер кораблдеринин тактикалык бирикмеси.

БРИГАДИР — өндүрүш бригадасына башчы. Аны колхоз башкармасы, совхоздун ж-а е. ж. ишканасынын директору дайындайт. Ал бригаданын ишине жооп берүү м-н, эмгек тартибин чыңдоого, илим ж-а алдыңкы тажрыйбаны жетишкендиктерин, жаңы техника м-н тех. жактан негиздүү нормаларды өндүрүшкө киргизүүгө, бригада мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу ж-до кам көрүүгө милдеттүү. Б. чарбанын ж-а ишкананын өндүрүштүк-финансы пландарын, бригаданын жылдык тапшырмасын ж-а иш пландарын түзүүгө катышат, к. *Өндүрүш бригада.*

БРИГАНТИНА — эки мачталуу жеңил жел кайык. Алдыңкы мачтасынын (фок-мачта) парустары түз, экинчисиники (грот-мачта) кыйгач кериленген. 16—18-к-да чалгындоо, кабарлоо максаттарында ж-а каректоо үчүн колдонулган. Б. кийинки убактарда эч жерде колдонулбайт.

БРИЗ (фр. brise — сыдырым жел) — деңиз ж-а кол жээгинде суткалык өзгөрүүсү м-н жүрүп туруучу сыдырым жел. Ал күндүз деңиздеги курактыкка, түнкүсүн курактыктан деңизге карай жүрөт. Күндүз курактык деңизге караганда бат жылып, андагы жылыган абаны деңиздеги муздак аба сүрө баштайт. Түнкүсүн, тескерисинче, жер бат сууп, деңиз жай муздайт. Андан атмосферадагы басымдын айырмасы пайда болуп, аба агымы көтөрулат. Б-дин ылдамд. 1—5 *м/сек*, кээде андан да тез. СССРде Каспий, Азов ж. б. деңиздердин, Ладога, Онега, Севан, Ысык-Көл ж. б. көлдөрдүн жээктеринде байкалат.

БРИЛЛИАНТ, к. *Алмаз.*

БРИОЛОГИЯ (гр. bryon — мох ж-а *...логия*) — *мохтор* ж-дөгү илим, ботаниканын тармагы, к. *Ботаника.*

БРИСБЕН — Австралия Союзундагы шаар; Квинсленд штатынын админ. борбору. Брисбен д-ның Мортон булуңуна куя бериш жеринде жайгашкан порт, т. ж. тоому. Калкы 866 миң (1971). Б.— өлкөнүн оор ө. ж. борборлорунун бири (кеме куруу, түстүү металлургия, нефть тазалоо ж. б.). Ун-т (1909) бар.

БРИСТОЛЬ — Улуу Британиянын Глостершир графтыгындагы шаар. Эйвон д-дагы ири порт. Калкы 427,2 миң (1969). Машина куруу (озгөчө самолёт, авиаракета а-ддору), химия, түстүү металл, нефть иштетүү ө. ж-лары ж-а ун-т бар.

БРИТАН АРАЛДАРЫ — Түндүк деңиз м-н Атлантика океанынын ортосунда жайгашкан, Европанын түн.-батышындагы архипелаг. Аянты 325 миң $км^2$ ге жакын. Б. а-нын составына Улуу Британия ж-а Ирландия а-дары, архипелагдар: Гебрид, Оркней, Шетланд а-дары ж-а Англси, Малл, Мэн, Скай ж. б. майда араддар кирет. Улуу Британия ж-а Ирландия мамлекеттери ушул араддарда.

БРИТАН МУЗЕЙИ — Лондондо, дүйнөдө ири музейлердин бири. 1753-ж. негизделип, 1759-ж. ачылган. Б. м-де алгачкы коом иск-восунун, Байыркы Египеттин, Месопотамиянын, Байыркы Греция, Рим мад-тынын, Европа, Азия ж-а Африканын ө. кылымдык иск-восунун эстеликтери: гравюра, сүрөт, керамика, тыйын, медалдардын бай мурастары сакталат. Китепканасында 7 млн-дон ашык китеп, 105 миң пуска кол жазма ж. б. бар. Китепкананын окуу залында К. Маркс, Ф. Энгельс, В. И. Ленин иштешкен.

БРИТАНИЯ ИМПЕРИЯСЫ — Улуу Британиянын ж-а анын колон. жерлеринин жалпысынан аталышы. Англия 12-к-да Ирландияны каратып, кийин бир кыйла өлкөдө капит. мамилелердин жетилиши м-н нагыз колония саясатын жүргүзүүгө өткөн. 1583-ж. Ньюфаундленд а-ын каратып, 1607-ж. Түн. Америкада (Виргиния) 1-колониясын негиздеген. Англия 16-к-дын аягы — 17-к-дын башындагы согуштарда өзүнүн башкы атаандашы Испанияга бир нече жолу катуу сокку урган. Англияда ири соода монополия — Ост-Индия компаниясы пайда болуп, алар соода гана жүргүзүштөстон, Азия м-н Африкадагы мерчемдүү жерлерди ээлеп ала баштаган. 17-к-да Англияда капит. түзүлүштүн орношу анын колон. экспансиясын ого бетер күчөттү. Ошол кездеги күчтүү колон. державалар — Испанияга, Голландияга, Францияга каршы күрөштө англ. колонизаторлор жеңип чыгып, Азия, Африка ж-а Америкада зор терр-яларга ээ болду. Б. и-пын түзүлүшү капитализмдин орношунун бүткүл дүйн. тарыхый бирдиктүү процессинин составдуу бөлүгү болуп, бул процесс Улуу Британияда алда канча тез жүрдү. Колонияларды, бөтөнчө Индияны Англиянын талап-тоноосу анын байлык топтоосуна ж-а ө. ж-да төңкөрүш жасоосуна чоң таасир этти. Англия колонияларда, барыдан мурда капит. мамилелердин өнүгүшүнө атайылан жолтоолук кылды. Ал эми Англиядан көчүп барган адамдар отурукташкан Түн. Америкадагы колонияларынын абалы башкача болгон. Жерг. индеецтер жашы жерлеринен куулуп, кыргынга учурашкан. Метрополиянын каршылыгына карабастан, түш.-амер. колонияларда капит. мамилелер тезирээк өнүккөн.

18-к-дын акырку чейрегинде Б. и. биринчи кризисте учураган. 1775—83-ж. Түн. Америкада көз каранды эместик үчүн жүргүзүлгөн согуштун натыйжасында Англия андагы 13 колониясынан ажыраган. Бирок Б. и. кризистен оңой эле кутулду. 19-к-дын 1-жарымында Австралия, Жаңы Зеландия ж-а Түш. Африканы колонияштыруруга өттү. Соода жүргүзүү үчүн Кытайдын бир катар порттөрүн зордук м-н пайдаланып, басып алган Синган (Гонконг) а-ын кийин Кытайдагы экспансиясынын таянич пунктуна айландырды. 19-к-дын ортосунан баштап Улуу Британия зор аймактуу колонияларга ж-а дүйн. рынокто монополиялык абалга жетишкен. Б. и-нда экон. байланыш системасы түзүлүп, колониялар сырьё берүүчү булакка ж-а товарларды сатып өткөрүүчү рынокко айланды. Англиянын колон. эзүүсүнүн күчөшүнөн бир катар көтөрүлүштөр чыкты. Алардын эң ириси — Индиядагы элдик көтөрүлүш (1857—59), ал колонизаторлорду Индиядагы башкаруу системасын өзгөртүүгө мажбур кылып, 1858-ж. Ост-Индия компаниясы жоюлду.

Айгыскан күрөштүн натыйжасында 1837—38-ж. Канада, 1854-ж. Австралия өзүн өзү башкарууга жетишип, англ. капитализмдин филиалы катары өнүгө баштады. Улуу Британия 19-к-да басым алуучулук саясатын улантып, Африканын, Азиянын көп р-пдорунда өзүнүн позицияларын чыңдады, чет өлкөлөргө чыгарылуучу капит. салымдарын көбөйттү. Колонияларды эксплуатациялоо англ. экономиканын мүтилик ж-а чирүү белгилерин күчөттү. Ошондуктан Б. и-н сактап калууга ж-а кеңейтүүгө умтулуу анын тышкы саясатын аныктоочу факторлордун бири болуп кала берди. Анткен м-н Б. и-нын өлкөлөрүндө да ө. ж. өнүгүп, улуттук бурж. ж-а саясий турмушта улам олуттуу күчкө айлана баштаган пролетариат өсүп, калыптана берди. Б. и-дагы улуттук-бошт. кыймылдын өнүгүшүнөн 20-к-дын башында Австралия Союзу, Жаңы Зеландия, Түш. Африкалык Союз, Ньюфаундленд доминиондору түзүлүп, алардын өкмөттөрү империялык конф-ляларда Б.



Б. Бриттен.



П. Бровка.



И. И. Бродский.

н-ның тышкы саясат ж-а коргонуу маселелерин талкуулоого тартыла баштады. Капитализмдин жалпы кризисинин коруңуучу болгон 1-дүйн. согуш, бөтөнчө Улуу Окт. соц. революсы англ. империализмдин колониядагы ж-а көз каранды өлколордогу бийлигин бошоңдотту. Ал өлколордо улуттук-бошт. кыймыл башталды. 1918—22, 1928—33-ж. Индияда антиколон. массалык чыгуулар болду. Афг-н 1919-ж. көз каранды эместикке жетишти. Ирландия (Ольстерсиз) 1921-ж. доминион статутун алды (кийин, 1949-жылдан көз каранды эмес респ-ка) ж. б. Доминиондордун саясий өз алдынчалыгы андан ары күчөдү. 1926-жылдагы империялык конф-я ж-а 1931-жылдагы Вестминстер статуту алардын бардык жагынан толук өз алдынчалыгын таанышты. Бирок метрополия алардын тышкы саясатына контролдукту сактап кала берди.

Экинчи дүйн. согуштун (1939—45) башталышында эле Б. н-нда эки жактуу тенденция күч алды: айрымдары (Канада, Австралия ж. б.) метрополия тарабында болуп согушка кирсе, Ирландия (Эйре) бейтарап экендигин жарыялады. Японияның оор соккуларынан кийин Улуу Британияның Түш.-Чыг. Азиядагы позицияларды начарлады. 2-дүйн. согуштун жылдарында (1939—45) бүткүл дүйнөдө колониализмге каршы улуттук-бошт. кыймыл күчөдү. СССРдин тарыхый улуу жеңиши, дүйн. соц. системанын пайда болушу империализмдин колон. системасынын кыйрашына ыңгайлуу шарттарды түзүп, Б. н-ның өлкөлөрүндө да антиколон. күрөштүн кеңири кулач жайышына себеп болду.

Экинчи дүйн. согуштун натыйжасында колониялуу Англия империясы баш болгон империализмдин колон. системасы кыйрай баштады. Транспордания (1946), Индия (1947), Бирма ж-а Цейлон (азыр Шри-Ланка, 1948) өзүлөрүнүн көз каранды эместигине жетишти. Элдердин бошотондукка чыгуу күрөшүн токтотуу үчүн англ. империалисттер Аден, Кипр ж. б. жерлерде колон. согуштарды жүргүзүштү. Бирок алардын аракеттери ордунан чыкпады. 1956—70-жылдын ортосунда Судан, Гана, Малайя, Кипр, Сьерра-Леоне, Кувейт ж. б. көп өлкөлөр Англиянын колон. үстөмдүгүнөн бошонушту. Египеттеги, Ирактагы англ. бийликти жактаган монархиялык режимдер кулатылды. Канада, Австралия, Жаңы Зеландия, Түш. Африка Улуу Британияга саясий жактан көз каранды эмес болуп жарыяланды.

Эгерде 1945-ж. англ. колонияларды калктын саны 432 млн. киши болсо, 1970-жылга карата 10 млн-го жакын гана киши калды. Б. н-ның бүлүнүү процесси анын ордуна Кызматташтык дегенди пайда кылды. Ага бошотондукка чыккан өлкөлөрдүн көпчүлүгү кирди. Улуу Британияның ж-а «эски доминиондордун» имп. чейрелору Кызматташтыкты өзүлөрүнүн неоколон. саясатын жаап-жашыруучу көшөгө катарында пайдалануугa умтулууда. Кызматташтыкка кирген өлкөлөр үчүн АКШнын экон. ж-а саясий экспансиясы чоң коркунуч болуп саналат. Бирок ага кирген өлкөлөрдүн элдери колониализмдин ж-а неоколониализмдин бардык формаларына каршы күрөшүн жатышат.

Ад.: Маркс К., Капитал, т. 1, гл. 24, 25, Маркс К. и Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 23; Ленин В. И., Империализм — капитализмдин жогорку стадиясы, Чыг., кырг. бас., 22-т.; Распад Британской империи, М., 1964; Ерофеев Н. А., Закат Британской империи, М., 1967.

БРИТАНИЯ РАДИО УКТУРУУ КОРПОРАЦИЯСЫ (BBC, Би-Би-Си) 1927-ж. негизделген, Англия окмотүнүн карамагында. Улуу Британияның террясындагы радио уктуруу б-ча монополия укугуна ээ. Би-Би-Си чет өлкөлөр үчүн 38 тилде берет. Анын берүүлөрү СССРге ж-а соц. башка өлкөлөрго каршы багытталган.

«БРИТАНИЯ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ», Британика — капит. дүйнөдөгү эң эски универсал энциклопедиялардын бири. 3 томдуу 1-басылышы 1768—71-ж. Эдинбургда чыккан. Алгачкы 8 басылышы ойдогудай деңгээлде болгон эмес. «Б. э-ның» 9-(1875—89; 25 т.) ж-а 11-(1910—11; 29 т.) басылыштары бир кыйла дурус чыккан. Акыркы 24 томдуу 14-басылышы 1929-ж. башталган. Мындагы макалалардын көпчүлүгү кеңири обзор түрүндө жазылган. Тарыхтын, философиянын, саясаттын, экономиканын көп маселелери антикоммунисттик позицияда берилген. 20-к-дын башында «Б. э-н» чыгарууда англ. ж-а амер. авторлор, редакторлор биргелешип иштегендиктен, мазмуну б-ча брит.-амер. энциклопедияга айланган. 40-жылдардын башталышынан «Б. э.» Чикагодо У. Бентондун жетекчилиги м-н чыгарылат. 1968-ж. «Б. э-ның» 200 жылдык юбилейине карата илимдин ар кандай тармактарын камтыган көлөмдүү макалалардан турган 3 томдук басылган. 1969-ж. басма сөздө «Б. э-ның» жаңы басылышын даярдоо ж-дө билдирүүлөр жарыяланган.

«БРИТАНИЯНЫН АСКЕРДИК МИССИЯСЫ» — англ. империалисттердин Россиядагы Февр. рев-ясынан кийин (1917) Түркстанда уюштурган тыңчылык уюму. «Миссия» 1917-ж. 10-августтан баштап Мешхедде (Иран) иштеп, өзүнүн чалгынчы офицерлери аркылуу Түркстандагы бардык контррев-чыл күчтөрго жетекчилик кылып, Совет бийлигине каршы чыгууларды уюштурган ж-а амер. империалисттердин катышуусу м-н шпиондук-диверсанттык «Түркстандын аскердик уюмун» түзгөн. *«Кокон автономиясы»* м-н *Дутовду* колдогон. «Миссия» 1918-ж. Бухара эмиратын Сов. Түркстан м-н кагылышууга түшүргөн. 1919-ж. 18—21-январда Ташкендеги эсер ак гвардиячылардын козголоңун уюштурган. Контрреволюциянын негизги күчтөрү О. Азияда жоюлган соң «Миссия» тарап кеткен.

БРИТАНИЯНЫН СОЦИАЛИСТТИК ПАРТИЯСЫ (БСП) 1911-ж. Манчестерде негизделген. Алгач ал марксттик уюм болгон. Бирок партияда сектанттык багыт да орун алган. 1916-ж. БСПден Г. Гайдман баштаган социал-шовинисттер чыгарылган. Ошондон кийин БСП импер. согушту айыптап, Окт. рев-ясын жактап, антисов. интервенцияга каршы күрөш алып барган. 1916-жылдан Лейбористтик партиянын коллективдүү мүчөсү. 1919-ж. 3-Коммунисттик Интернационалга кирген. БСПнин сол тарабы *Улуу Британия коммунисттик партиясын* түзүүгө демилгечи болгон.

БРИТТЕН Бенжамин (22. 16. 1913-ж. т.) — англис композитору, пианист, дирижёр. Лондондогу муз. колледжде окуган (1929—33). Б.— Лондондун «Ковент-Гарден» театрынын кичине опера труппасына негиз салгандардын бири. Б. 11 опера [«Питер Граймс» (1945), «Альберт Херринг» (1947) ж. б.], балет, концерт, симф., фортепьянолук ж-а аспаптык пьесалар жазган. СССРде бир нече ирет болуп (1-жолу 1963-ж.), дирижёр катары концерт берген. «Жаз түнүндөгү түш» операсы Москвада Чоң театрда коюлган (1966).

БРНО — Чехословакиядагы Түш. Моравия обл-ның админ. борбору. Свитава ж-а Свратка д-ларынын кошулган жеринде, темир ж-а шоссе жолдор тоому. Калкы 339,5 миң (1969). Прагадан кийинки оор ө. ж. өнүккөн шаар. Негизинен хим. жабдуулар, электр тех. буюмдар, станок, трактор, так приборлор ж. б. чыгарылат. Б-дө жылына эл аралык ө. ж. ярмарканы болуп турат. Чехосл. ИАнын филиалы, уп-т бар.

БРОВКА Петрусь (Пётр Устинович) [12(25). 6. 1905-ж. т.] — белорус совет акыны, Белоруссиянын эл акыны (1962), БССР ИАнын акад. (1966; мүче-корр. 1953), БелСЭнин Башкы редактору (1967), Соц. Эмг. Баатыры (1972). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Чыг-лык иши 1926-жылдан башталат. Улуу Ата Мек. согушка чейин «Каармандын келиши» (1935), «Мекен жазы» (1937) ж. б. жыйнактары чыккан. «Беларусь», «Смолячкова жөнүндө поэма» (1943) сыяктуу белгилүү поэмалары согуш темасына арналган. Анын «Дан» (1946), «Москва жөнүндө ой терметүү», «Туулган үйдө» (1946) ж-а «Турмуш жолдору» (1950) ж. б. жыйнактары үчүн СССР Мамл. сыйлыгы ыйгарылган (1947; 1951). «Дайыма Ленин менен» поэмасы ж-а «Күндөр өтүп жатат» ырлар жыйнагы үчүн Лениндик сыйлык алган (1962). «Дарылар кошулган кездө» романынын автору. Б.— СССР Жог. Советинин (4—8-шайл.) депутаты. 3 Ленин ордени, Кызыл Жылдыз, Эл Достугу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БРОДСКИЙ Исаак Израилевич (25. 12. 1883—14. 8. 1939) — совет сүрөтчүсү ж-а график. РСФСРдин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1932). Б. алгач Одесса көркөм сүрөт окуу жайында, 1902—08-ж. Петербургдагы Көркөм сүрөт академиясында И. Е. Репинден окуган. 1905—07-ж. самодержавиеге каршы бир катар саясий карикатуралар тарткан. Б. совет доорунда тарыхый — рев-лык мүнөздөгү («Коминтерндин II конгрессинин салтанаттуу ачылышы», 1920—24; «Бакулук 26 комиссардын атылышы», 1925) чыг-ларды жаратkан. Анын «В. И. Ленин Кремлдин фонунда» (1924), «В. И. Ленин Смольныйда» (1930) ж. б. эмгектери көрүүчүлөргө кеңири белгилүү. Б. Ленин ордени м-н сыйланган.

БРОЙЛЕР (англ. broiler — отко кактоо) — 2 айлык жоже. Тирүүлөй салм. 1,4—1,6 *кг*. Жөжөнү сойгондо 88—90% эт чыгат. Эти жумшак, даамдуу ж-а сиңимдүү. Б-ди өстүрүү үчүн тооктун эт-жумуртка ж-а эт багытындагы породалары пайдаланылат. Ал адистештирилген ири чарбада асыралат. Б-ге көбүнчө калориялуу, протеиндүү, витаминдүү, аминокислоталуу ж-а минералдык заттары мол аралаш тоют, жем берилет. Аларды тоюттандыруу механикалаштырылып, сугаруу автоматташтырылат. Б. АКШ (тоок этинин 50%ин түзөт), Англия, ГДР, ГФР, Чехосл., Венгрия ж. б. өлкөлөрдө кеңири таралган. Ал СССРде, анын ичинен Кырг-пда да бакма канаттуулар фабрикасында өстүрүлөт.

БРОКЕН-ХИЛЛ КЕНИ — коргошун м-н цинктин дүйнө жүзүндөгү эң ири кендеринин бири. Австралияның түш.— чыгышындагы Брокен-Хилл ш-нын жанында. Барьер тоо кыркасынын чыг. капталында. Кен 1883—84-жылдан казылат. Кен аймагында архей заманында пайда болгон ж-а бүктөлүүлөргө дуушар болгон гнейс м-н кристаллдуу сланецтер жатат. Руда антиклиналдык ж-а синклиналдык түзүлүштөргө топтолуп, гнейстердин арасында «тарамдар» (руда кабатчалары) түрүндө кездешет. Алардын формалары татаал келип, жалпысынан жаната жаткан тоо тек катмарларынын морфологиясын кайталайт. Кенде бири бирине жарыш жаткан коргошундун 2, цинктин 3 руда кабатчалары белгилүү. Алар жалпы калың. 90 *м*, уз. 4800 *м* ге созулуп, 1000 *м* тереңдикке чейин жатат. Руда негизинен бардык жерде бирдей тараган галенит, сфалерит ж. б. минералдардын бүртүкчөлөрүнөн турат. Өндүрүштүк рудадагы коргошун 10—15%, цинк 8—12%, кумүш 200 *г/т*. Кендин пайда болушу так чечиле элек. Мурда эндогендик кен катары гидротермалык жол м-н пайда болгон деп эсептелсе, кийинки мезгилде кээ бир геологдордун ою б-ча, ал адегенде чөкмө түрүндө пайда болуп, кийин метаморфизмдин, граниттешүүнүн ж-а интенсивдүү дислокациянын натыйжасында руда кабаттары ири өзгөрүүлөргө дуушар болуп, алардын кайрадан кристалдашынын ж-а топтолушу жүргөн. Кенден алынган коргошун м-н цинк бүткүл Австралиядагы казылып алынуучу коргошун-цинк рудасынын 70% ин, ал эми күмүш б-ча 50% тен ашыгын түзөт.

БРОМ (лат. Bromum), Br—мезгилдик системанын VII тобунан орун алган, *галогендерге* кирүүчү хим. элемент, ат. н. 35, ат. м. 79,904. 1826-ж. франц. химик А. Ж. Балар ачкан. Жаратылыштагы Б. туруктуу 2 изотоптон ^{79}Br, ^{81}Br турат. Жер катмарында $1{,}6 \cdot 10^{-4}$% ти түзөт. Б. бромдуу туздар (KBr, NaBr, $MgBr_2$) түрүндө көлдөрдө, деңиздерде, нефть сууларында ж-а суу өсүмдүктөрүнүн составында кездешет. Б. кызыл күрөң түстөгү, өткүр жагымсыз жыты бар оор суюктук, 58,78°Сде кайнап, —7,2°С де катат. Катуу Б.— кызыл күрөң түстөгү жалтырак кристаллдар. *Спиртте, эфирде, бензолдо,* хлороформдо жакшы, сууда аз эрийт. Бромдун суудагы каныккан эритмеси (3%) бромдуу суу деп аталат. Б. хим. активдүүлүгү б-ча хлор м-н иоддун ортосунда турат. Иодду бирикмелерinen сүрүп чыгарат, ал эми өзүнүн бирикмелеринен хлор аркылуу сүрүлүп чыгат. Бирикмелерде валенттүүлүгү (кычкылдануу даражасы) —1ден +7 ге чейин. Көпчүлүк элементтер м-н (S, P, As, K, Al ж. б.) активдүү кошулат. Көмүртек, *азот, кычкылтек* м-н түздөн-түз реакцияга кирбейт, алардын бирикмелери кыйыр жолдор м-н алынат. Суутек м-н ысыткanda гана, реакцияга кирип, бромдуу суутекти пайда кылат. Анын суудагы эритмеси бромдуу суутек к-тасы болот. Бромдуу суутек к-тасынын туздары *бромиддер* деп аталат. Б-ду баштапкы сырьёдон (деңиз суулары, суу өсүмдүктөрү ж. б.) бөлүп алат. Б. орг. синтезде, аналит. химияда ж-а кычкылданткыч катарында колдонулат.

БРОМ КИСЛОТАСЫ, $HBrO_3$—бир негиздүү орг. эмес кислота. Эркин түрүндө алына элек; эритме түрүндө кезигет. Абада же ысытканда ажырайт. Бром суусунан хлорду өткөрүүдөн же тузуна кислота таасир этүүдөн алынат:

$Br_2 + 6H_2O + 5Cl_2 = 2HBrO_3 + 10HCl$;

$Ba(BrO_3)_2 + H_2SO_4 = BaSO_4 + 2HBrO_3$.

Туздары — броматтар, кадимки шарттарда туруктуу, жог. темп-рада кычкылтек бөлүп чыгаруу м-н ажырайт. Б. к. ж-а анын туздары күчтүү кычкылданткыч каспетке ээ болуп, Br—ионуна же эркин бромго чейин калыбына келет. Аналит. лабораторияда ж-а кычкылданткыч катарында колдонулат.

БРОМАТОМЕТРИЯ — кычкылданткыч катарында калий броматын колдонууга негизделген сандык анализдин титриметрлик методу. Эквиваленттик чекитке чейинки сарп кылынган калий броматынын титрленген эритмесинин көлөмү аркылуу аныкталуучу заттын саны табылат.

БРОМАТТАР—бром к-тасынын $HBrO_3$ туздары, к. *Бром кислотасы.*

БРОМИДДЕР — бромдун башка элементтер м-н болгон бирикмелери. Көпчүлүк учурда бром металлдар м-н кадимки туздарды (NaBr, KBr), ал эми металл эместер (CBr_4) ж-а мезгилдик системанын III, IV тобундагы металлдар м-н ($AlBr_3$, $SnBr_4$) тез эрүүчү, бат учма бирикмелерди пайда кылат. Алардын көп бирлери — бромангидриддер (PBr_3, BBr_3). Б. элементтердин түздөн-түз кошулушунан ж-а бромдуу суутектин металлдар, кычкылдар, суу кычкылдар, карбонаттар м-н кошулушунан алынат.

БРОНЕТРАНСПОРТЕР — брондолгон, ылдам жүрүүчү гусеницалуу же доңголектүү аскер машинасы. Б. мото аткычтар аскерин, ар түрдүү согуш жүктөрүн ж-а куралдарын ташууда пайдаланылат. Анын корпусу бактериол. ж-а хим. куралдардан, радиациялык жана чегүүдөн коргонууга ылайыкталган. Б-дун авиатранспортко жүктөөго ыңгайлуу ж-а сууда сүзүүчү түрлөрү бар. Гусеницалуу Б-дун эң чоң ылдамд. 70 *км/с;* доңголектүүсүнүкү 90—100 *км/с* ка жетет.

БРОНТОЗАВР — тукум курут болгон сойлоочулардын уруусу, к. *Апатозавр.*

БРОНХА (гр. Bronhos — кекиртек, дем алуу түтүгү) — адам м-н жог. омурткалуулардын дем алуу түтүгүнүн бутакчасы. Көпчүлүк айбанаттарда дем алуу түтүгү жө кекиртек, оң ж-а сол болуп эки Б-га бөлүнөт. Адамдардагы оң Б. солуна караганда кепен, себеби оң өпкө сол жакка караганда көлөмдүү келет. Ар бир Б. өзүнчө майда түтүкчөлөргө бөлүнөт. Б-ның капталдары бири бирине жабышып калбоо үчүн жылма булчуңдар м-н капталган кемирчек шакекчелерден турат, ички былжыр чел м-н жабылган.

БРОНХА АСТМАСЫ (гр. asthma —

муунуу, тумчугуу)— бронхалардын кысылуусунан, алардын былжыр челинин шишүүсүнөн пайда болгон, маал-маалы м-н капысынан тумчуктуруп кармоочу аллергиялык оору. Б. а-нын пайда болуусуна бат-бат өпкөдөн сезгенүү, андан толук айыкпай калуу ж-а түрдүү аллергендер (үйдө айбандарды ж-а үй канаттууларды кармоо, чаңдар) себеп болот. Б. а. мезгилинде оорулуу дем алган абаны сыртка чыгара албай кыйналат, деми кыстыгып, муунуп, тумчуга баштайт. Үнү кырылдап, эрди, бети көгөрүп, моюн кан тамырлары көөп, жөтөл пайда болуп, какырык чыгат. Б. а. кармаганда бронхалардын кысылышын жоготуучу дарылар берилет. Ал кармабаган мезгилде ооруну пайда кылуучу аллергенди таап, аны жок кылуу зарыл. Кээде гормоналдык дарылар берилет ж-а курорттордо дарылануу сунуш кылынат.

БРОНХИТ (Bronchitis)— колконун былжыр челинин сезгениши. Б. оорусу кишиде катуу кармама ж-а өнөкөт болуп бөлүнөт. Катуу кармама вирустуу же бактериялуу (грипп, кызамык, көк жөтөл ж. б.) инфекциялардан, ууудан ж-а тамеки чегүүдөн пайда болот. Ал катуу кармаганда жог. дем алуу органдары кошо ооруйт. Анын негизги белгилери: оору адам жөтөлүп, темп-расы көтөрүлөт, алсырайт, чыйрыгат ж-а демигет. Оору 1—2 жумага созулат, алсыз, арык кишиде создугуп кетиши мүмкүн. Эгерде оору бир нече жолу кайталанса же ал киши уу газ ж-а чаң м-н узакка дем алса, көп жыл бою чылым чексе, өнөкөт Б-ке айланат. Дарылоодо оңко, горчичник коюу, антибиотиктер, сульфаниламиддер, витаминдер ж-а физиотерапия колдонулат. Б-тин алдын алуу үчүн организмди чыңдап, жугуштуу ж-а зыяндуу факторлордон сактануу керек.

Малдын бронхити — малдын бардык түрүндө ж-а канаттууларда кездешүүчү ылаң. Ал малды арыктатып, кунардуулугун төмөндөтөт; кээде чыгашага учуратат. Сезгенген жери канталап же бозоруп, ириңдеп, чирип кетиши ыктымал. Бул ылаң катуу кармайт да, тез же создугуп өтөт. Дарт негизинен ысылуу-сууктан, уу заттын жытынан, колкого дары-дармек, чөп-чардын чуркап кетишинен, о. эле түрдүү жугуштуу ылаңдын кесепетинен пайда болот. Малдын темп-расы көтөрүлүп, жүрөгү тез кагат, энтигип жөткүрөт. Айрым учурда 2 таноосунан ириң же кан аралаш илээшкек суюктук агат. Ылаңдаган мал таза ж-а жылуу сарайга өзүнчө багылып, ылаңдын мүнөзүнө жараша дарыланат. Профилактика: малды тоюттандыруу ж-а багуунун гигиеналык эрежелерин туура колдонуу.

БРОНХОАДЕНИТ (*бронха* ж-а гр. adēn — без)— бронха бездеринин сезгениши. Б-ти көп учурда *туберкулёздун* микробдору, өпкө м-н *бронханын* сезгениши ж-а кээ бир жугуштуу оорулар (көк жөтөл, кызамык) пайда кылат. Туберкулёздон болгон Б-тин клиникасы оору адамдын жашына, сезгенген бездердин таралышына ж-а организмдин сезгичтигине байланыштуу. Без кичине сезгенсе, оору байкалбай өтүшү мүмкүн, ал эми күчөгөн Б-те оорулуунун эти ысып, алы кетип, кургак жөтөл пайда болот. Өзгөчө балдар катуу жөтөлөт, кээде көк жөтөлгө окшоп кетет. Айрым учурда негизги оору м-н катар моюндун, колтуктун бездери чоңоюшу мүмкүн. Б. рентген ж. б. анализдер аркылуу аныкталат. Дарылоо антибиотиктердин, химиотерапиянын жардамы м-н, кээде операция жолу м-н да жүргүзүлөт. Ооруну алдын алууда туура тамактануу, таза абада болуу, жугуштуу оорулардан сактануу керек. Кургак учукка каршы эмдөө жүргүзүү зарыл.

БРОНХОПНЕВМОНИЯ (Bronchopnevnim)— колко м-н өпкөнүн айрым бөлүктөрүнүн сезгениши. Мындай учурда өпкөнүн альвеолдору, эпителий клеткалары лейкоцит м-н эритроцит аралаш сары суюга толуп кетет. Б. көбүнчө чочкодо, койдо, музоодо ж-а канаттууларда кездешет. Бул ылаң *бронхиттин* күчөп, кабылдап кетишинен, о. эле гельминтоздордун кесепетинен пайда болот. Ал жугуштуу дарттын салдарынан чыкса, ылаңга чалдыккан малды өзүнчө сарайга бөлүп, дарылоо керек. Дары катарында антибиотиктер же сульфаниламид препараттары колдонулат.

БРОНХОЭКТАЗ ООРУСУ (*бронха* ж-а гр. éktasis — кеңейүү) — бронхалардын кеңейип кетиши мүнөздүү болгон дем алуу органдарынын оорусу. Б. о. тубаса ж-а оорулардан кийин (өпкөнүн ж-а бронханын өнөкөт оорулары, кургак учук ж. б.) пайда болот. Бронхалар өнөкөт сезгенгенде, анын былжырак ж-а булчуңдуу кабыкчасы өзгөрөт, чоюлгуч ткань бириктирүүчү тканга айланат. Б. о. цилиндр, баштыкча ж. б. түрүндө болот. Б. о. м-н ооруган адам катуу жөтөлүп, суюк, ириңдүү какырык чыгарат. Кээде кан түкүрүшү ыктымал. Оорулуунун абалы начарлап, деми кысылып, алы кетет. Б. о-нун жүрүшү жылдап созулат, көпчүлүк учурда тез-тез кайталайт. Б. о. кабылдап кетсе, ички органдардын амилоидозуна ж-а сезгенишине алып келет. Дарылоо оорунун жүрүшүнө жараша жүргүзүлөт. Кээ бир учурда операция жасалат. Б. о-нун алдын алууда инфекция м-н күрөш жүргүзүү (өпкөнүн, бронхалардын сезгенишин), денени чыңдоо, гигиеналык эрежелерди сактоо талап кылынат.

БРОУН КЫЙМЫЛЫ — суюктук же газдагы майда катуу бөлүкчөлөрдүн өзүнүн айлана чөйрөсүндөгү молекулалардын кагылуусунан пайда болгон иретсиз кыймылы. 1827-ж. англис ботаниги Р. Броун ачкан. Суюктук же газдын молекулалары дайыма жылуулук кыймылда болгондуктан, алар бөлүкчөгө ар тараптан түрдүү чоңдуктагы күч м-н урунат. Натыйжада бөлүкчөлөр баш аламан кыймылга келет ж-а анын ылдамдыгы, багыты тынымсыз өзгөрүп турат. Темп-ра жогору ж-а бөлүкчөлөр канчалык кичине болсо, алардын ылдамдыгы ошончолук чоң болот. Бул майда бөлүкчөлөрдүн мындай баш аламан, тартипсиз кыймылы, алардын биол. касиетине, табиятына эч байланышпайт. Б. к-нын теориясы статикалык механиканы негиздөөгө чоң роль ойноду, к. *Статикалык физика.* Б. к. практикалык мааниге да ээ. Ал өлчөөчү приборлордун өлчөө тактыгын чектейт.

БРОШЮРА — эл аралык басма сөз практикасында кеңири таралган, 5 беттен кем эмес, 48 беттен ашпаган китепче; массалык басма сөз пропагандасынын каражаттарынын бири. Ал 1-жолу Реформация доорунда чыгарылып, Улуу француз рев-ясынын мезгилинде айрыкча зор мааниге ээ болгон. Орус рев-ячыл кыймылынын тарыхында жашырын түрдө чыгып турган Б-лар маркстик идеяны калк арасына жеткирүүдө маанилүү роль ойногон. СССРде коомдук-саясий, социалдык-экон., а. ч., маданий-көркөм ж. б. маселелерге байланыштуу Б-лар чыгарылып турат.

БРУДНЫЙ Абрам Львович (7. 11. 1896—10. 2. 1959, Фрунзе)— сов. оториноларинголог, мед. илимд. доктору (1951), проф. (1943). Ленинграддагы мед. ин-тту бүтүргөн (1923). Өзбек ССРинин Кокон ш-нда оториноларингология б-ча врач (1923—26), Фрунзедеги клиникалык оорукананын оториноларингология бөлүмүнүн (1926—41) ж-а кафедрасынын (1941—59) башчысы. 1959-жылдан бул кафедра Б-дын наамында. Б-дын негизги эмгектери дүлөйдү, кулагы начар укканды дарылоого ж-а угуу нервинин ооруларын дарылоонун жаңы методдоруна арналган. Б. Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1944). Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Первичный шов при мастоидитах с применением сульфамидного препарата, «Тр. Киргиз. мед. ин-та», 1946, № 3; К диагностике заглоточных абсцессов, «Советское здравоохранение Киргизии», 1955, № 1.

БРУДНЫЙ Арон Абрамович (1932-ж. т., Фрунзе)— сов. философ, филос. илимд. доктору (1970), проф. (1971). 1962-жылдан КПССтин мүчөсү. КМУнун тарых (1953, сырттан окуп), КММИнин дарылоо (1954) ф-теттерин бүтүргөн. 1954—57-ж. аспирантурада окуган. 1957—59-ж. КММИнин марксизм-ленинизм кафедрасынын окутуучусу. 1959-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Филос. ж-а укук ин-тунун ст. ил. кызматкери, 1961-жылдан диалек. материализм секторуна башчы. 1968-жылдан СССР психологдор коомунун Борб. советине мүчө. Анын эмгектери негизинен *психолингвистиканын* филос. маселелерине арналган.

Чыг.: Семантика языка и психология человека, Фр., 1971.

БРУМЕЛЬ Валерий Николаевич (14. 5. 1942-ж. т.)—сов. жеңил атлет, СССР спортуна эмг. сиң. мастер (1961). 1964-жылдан КПССтин мүчөсү. Москвадагы Борб. физ-ра ин-тун бүтүргөн (1967). Бийиктиктен секирүү б-ча СССРдин, Европанын ж-а дүйнөнүн бир нече жолку рекордсмени, дүйн. рекордду 2 *м* 28 *см* ге чейин жеткирген (1963). 18-Олимпиадалык оюндун (1964, Токио, 2 *м* 18 *см*) чемпиону. Үч жолу (1961, 1962, 1963) дүйнөнүн мыкты спортсмени деп таанылган. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БРУНЕЙ — Улуу Британиянын протектораты (1888-жылдан); Калимантан (Борнео) а-нын түн.-батышындагы султанат. Аянты 5,8 миң *км*². Калкы 200 миң (1972), малайялыктар 54%, кытайлар 26%. Мамл. тили — малайяча, англисче. Борбору — Бандар-Сери-Бегаван (1971). Климаты экватордук. Абанын орт. темп-расы 26°C, жылдык жаан-чачыны 2000—4000 *мм*. Терр-ясынын 75% тропик токойлору.

Б. 14-к-да Маджапахиттин вассалы болсо керек. Султанаттын өтө гүлдөгөн мезгили 16-к-дын 1-жарымына туура келет. Ошол мезгилде Б. Калимантандын бүткүл түн. жээгине ж-а чектеш бир катар аралдарга өз бийлигин орноткон. 1580-ж. испандыктар Б-ди басып алат. 19-к-дын башында Б. каракчылар борборунун ж-а кул сатуучу базарлардын бирине айланат. 1841-жылдан Б-дин терр-ясын англичандар ээлей баштайт. 1877-ж. Б-дин султаны Түн. Калимантандын бир бөлүгүн (Сабах) англ. шылуун Дептке арендага берет. 1888-ж. Британиянын протектораты болот. Ал жерден нефть табылышына байланыштуу 1906-ж. Б-ге англ. резидент дайындалат. 1941—45-жылда Б-ди Япония басып алат. 1948—59-жылда Саравактагы англ. губернатор башкарат. 1956-ж. Б-дин көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн Элдик партия түзүлүп, 1962-ж. көз каранды эмес Түн. Калимантан мамл-ин түзүү максатында көтөрүлүш чыгарат. Бирок көтөрүлүштү англ. аскерлер 1963-жылдын башында басып таштайт.

Чарбасынын башкы тармактары: нефть өндүрүү, каучук ж-а токой чарбачылыгы. А. ч-га жарактуу жери 66 миң *га* (1964), анын 50% каучук плантациясы. Шалы, кокос жаңгагы, банан плантациялары бар. Буйвол, чочко, эчки багылат. Шоссе жолунун уз. 374 *км*. Экспортко нефть, жыгач, каучук чыгарат. Акчасы — Б. доллары. Жерг. калкынын 57% сабатсыз. Англ. колонизаторго ж-а жерг. калктын өкүлдөрүнө арналган 2 түрлүү окуу системасы уюштурулган. Соода техникуму, пед. окуу жайы бар. Жог. окуу жайлары жок.

БРУНО Жордано Филиппо (1548—17. 2. 1600) — италия философу, акын, *пантеизмдин* өкүлү, Монах болуп жүрүп, 1575-ж. андан баш тартат. Динчилер куугунтукка алганда, Италиядан качып, Францияда, Англияда, Германияда жашайт. Схоластикалык философияга католиктер чиркөөсүнө каршы чыг-лар жазат. 1592-ж. динчилер аны Венецияга алдап чакырып, кайрыдин болду деп айыптап, 8 жылга камакка салат. Б. өз ой-пикиринен танбагандыктан, инквизаторлор тарабынан өрттөлөт. Б-нун дүйнөгө көз карашы байыркы грек материалисттеринин, Коперниктин гелио борб. системасынын таасиринде өнүккөн. Ал гелио борб. теориянын андан ары өөрчүтүп, Күн системасынан тышкары да тирүү организмдер жашоочу Ааламдар бар деген маанилүү ил. божомол айткан; Аалам чексиз, бардык нерсе кыймылдап, тынымсыз өнүгүп, Жерде да, асманда да жаратылыштын закондору бирдей эле аракеттенет деп эсептеген. Б. илимдин таламын жактап, католиктер дининин позициясына ж-а догматтарына доо кетирген.



Ж. Ф. Бруно.

БРУСНЕВ ТОБУ — Россиядагы алгачкы с.-д. уюмдардын бири. 1889-ж. Петербургда рев-ячыл студент жаштар м-н алдыңкы жумушчулардын биригүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн. Б. т. жумушчулар арасында марксизмди пропагандалоо, жумушчу кыймылынын жетекчилерин даярдоо максатын көздөгөн. «Эмгекти эркиндикке чыгаруу» тобунун программасын жетекчиликке алып, падышачылыкты ж-а буржуазияны жеңип чыгуу үчүн өз алдынча жумушчу партиясын түзүү, эркиндик үчүн күрөштө пролетариат роль ойноорун дыйкандарга түшүндүрүү зарыл деп эсептеген. Топ жумушчу кыймылы м-н биригүүгө умтулган. 1890—91-ж. кышында топтун мүчөлөрү стачкага катышкан. Б. т. Россиядагы маркстик топторду бир уюмга бириктирүү үчүн Москвадагы, Нижний Новгороддогу, Киевдеги, Казандагы рев-ялык кружоктор м-н байланыш түзгөн. 1892-ж. 22-апрелде Б. т-нун жетекчилери ж-а айрым мүчөлөрү Москвада камакка алынып, камалбай калгандары Петербургда «Жумушчулар табын эркиндикке чыгаруу үчүн күрөш союзуна» кабыл алынган.

БРУСЬЯ (гимнастикалык) — таянып ж-а асылып аткарылуучу көнүгүүлөр үчүн жасалган спорттук снаряд. Б. жерде жаткан рамага орнотулган 4 коңдой темир тирөөчтөн турат. Тирөөчтөргө киргизилген 4 айлануучу темир окторго (вертлюг) уз. 350 *см*, жоондугу 4 *см*, бийикт. 5 *см* чабак жыгачтар бекитилет. Алар ар түрдүү бийиктикте, 42—62 *см* аралыкта жарыш орнотулат.

БРУТ Марк Юний (б. з. ч. 85—42)— римдик саясий ишмер. Цезарь м-н Помпейдин күрөшүндө Помпей тарабында болгон. Помпей Фарсалда жеңилгенден кийин Цезарь өз кишиси кылып алуу үчүн Б-ту Цизальпы Галлиясынын наместниги (46), андан соң Римдин претору (44) кылып дайындаган. В. 44-ж. Кассий м-н бирге заговор уюштуруп, Цезарды өлтүргөн. Цезарь өлгөндөн кийин Б. м-н Кассий Римди таштап, экинчи триумвиратка каршы күрөшүп жаткан респ-чыларга жетекчи болгон. Ал экөө Македония, Греция, К. Азия ж-а Сирияга бийлик жүргүзгөн. 42-ж. күзүндө Филиппте жеңилген соң Б. өзүн өзү өлтүргөн.

БРУЦЕЛЛЕЗ, мальта калтыратмасы, Банг оорусу — адам ж-а жаныбарлардын жугуштуу аллергия оорусу. Анын катуу кармаган ж-а өнөкөт түрү болот. Б.— нерв системасына, сөөк ж-а муунга зыян келтирүүчү, түрдүү клиникалык белгилери бар улаарма оору. Б-ду кой, эчки, чочко ж-а уйдун бруцеллдери козгойт. Б. адамга дарттуу малдын сүтү, эти; айбанаттарга ичтен түшкөн түйүлдүк калдыгы, булганч жем-чөп, суу ж. б. аркылуу жугат. Организмге кирген оору козгогучу кээде лимфа бездеринде кармалып, андан кан м-н денеге тарайт. Б-дон *эндокардит,* тромбофлебит, *бронхоаденит* ж. б. оорулар пайда болушу мүмкүн. Б. м-н ооруган адамдын көңүлү ачылбай, ишке жөндөмдүүлүгү төмөндөп, денесинин темп-расы бир калыпта болбойт. Ал бат чарчайт, кара тер басып, булчуңу ж-а мууну ооруп, төшөккө жатууга мажбур болот. Боор, көк боор ж-а лимфа бездери чоңоёт. Б-ду дарылоо үчүн антибиотик, вакциналар колдонулат. Ага каршы эмдөө жүргүзүлөт.

Б. мал чарбасына чоң зыян келтирет. Көбүнчө кой-эчки, уй, чочко ооруйт. Малдын ылаңдап калышын анын сырткы кебетесинен аныктоого мүмкүн эмес. Көп учурда ара тууган малдын чөбү түшпөй, жатыны сезгенет, муун аксак пайда болот, эркек малдын умасы шишийт. Оорунун шеги билинсе, малдын каны лабораторияда текшерилет. Б. бар чарбада вет. адистерден уруксатсыз мал которуштурулбайт. Дарттуу малдын сүтү 70° темп-рада 30 *мин* ысытылгандан кийин гана пайдаланылат. Малчылар туутка жардам бергенде, ылаңдаган малды баккканда вет. адистердин көрсөтмөлөрүн так, убагында аткаруу керек.

БРУЦЕЛЛИЗАТ — майда жандыктын бруцеллёз ылаңын аныктоо үчүн колдонулуучу биол. препарат. Бул — өңсүз, түссүз суюктук. Биофабрикада даярдалып, өндүрүшкө чыгарардын алдында тазалыгы, залалсыздыгы, активдүүлүгү аныкталат. 19 айга

чейин күчүн жоготпойт. Препарат 0,2 *мл* өлчөмдө териге куюлат. Дарттуу малдын препарат куюлган жеринде сезгенүү реакциясы (шишүү, кызаруу) пайда болот. Реакция 24—48 саатган кийин текшерилет.

БРЫНЦЕВА Мария Александровна [6(19). 12. 1906-ж. т.] — а. ч. өндүрүшүнүн новатору, УССР Крым обл-нын Судак р-ндагы «Коктебель» жүзүм с-зунун бригадири. Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1949, 1958). 1957-жылдан КПССтин мүчөсү. 1944—58-ж. ошол совхоздун звеновою. 1947-ж. анын звеносу ар *га* дан 107,8; 1948-ж. —114,3; 1950-ж.—148,9; 1951-ж.—171,5; 1957-ж.— 157 *ц* ден жүзүм жыйнаган. Б-нын бригадасы 1965—67-ж. жүзүмдүн ар гектарынан 140—160 *ц* ден түшүм алган. Ал СССР Жог. Советинин (4—8-шайл.) депутаты. КПССтин 23-съездинин делегаты. Үч Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. «Жүзүмдөн мол түшүм алууга биз кантип жетиштик» аттуу китептин автору.

БРЭЙЛА, Брэила — Румыниянын түш.-чыгышындагы шаар. Дунай д-нын сол жээгинде. Брэила уезди-нин админ. борбору. Калкы 151,0 миң (1969). Өлкөдөгү негизги порттордун бири, транспорттор тоому. Ө. ж-нын негизги тармактары: металл иштетүү, машина, кеме куруу, болот-прокат чыгаруу, тамак-аш (тегирмен, вино, спирт-арак), тигүү, цемент, жыгач иштетүү ишканалары.

БРЮКВА (Brassica napus rapifera) — кайчылаш гүлдүүлөр тукумундагы эки жылдык өсүмдүк. Эгилген жылы жоон өзөк тамыр, кийинки жылы гүлдөөчү сабак байлайт. Тамыры — момо, коп уруктуу; сортуна жараша формасы ар түрдүү (тоголок, сүйрү ж. б.) болот. Б. Европа, Түн. Америка ж-а Түн. Африкада тараган. Тоют ж-а аш Б-сы өстүрүлөт. Вегетация мезгили 4—4,5 ай. Б. сентябрдын жарымынан баштап кызылча комбайны м-н жыйналат. Гектарынан 500—600 *ц* түшүм алынат. Сабагы тоют катары малга берилет же силостолот. Б-да 87,8% суу, 1,2% протеин, 0,2% май, 1,3% клетчатка, 8,8% азотсуз заттар, 0,7% күл болот. 100 *кг* тоютта 130 тоют бирдиги, 0,9 *кг* сиңимдүү протеин бар. СССРде Вышегород, Дотнувос балтеи, Швеция, Гофман, Куузику, Красносельск сорттору эгилүүдө. Куузику сорту Кыргызда эгиле баштады. Зыянкечтери: жер бүргөсү, капустачы чымын ж. б.

БРЮЛЛОВ Карл Павлович [12(23). 12. 1799—11(23). 6. 1852] — орус сүрөтчүсү. Сүрөт академиясында (1809—21) А. И. Иванов м-н А. Е. Егоровдон окуган. 1823—35-ж. Италияда иштеген. Петербург көркөм сүрөт академиясынын проф. (1836). Б. алгачкы чыгармаларында классицизмдин эстетикалык принциптерине баш тартып, дүйнөнү реалисттик чагылдырууга ашкере умтулган («Италиядагы чак түш», 1827, Орус музейи. Ленинград;



К. Брюллов. Балдан келаткан графиня Ю. Самойлованын портрети. 1840. Орус музейи. Ленинград.

«Вирсавия», 1832, Третьяков гал.). Негизги чыг-сы — «Помпейдин акыркы күнү» (1830—33). Орус живописинин тарыхына классикалык чыг. катары кирген бул сүрөт Б-ду ошол кездеги атактуу сүрөтчүлөрдүн катарына кошту. «Чабандес кыз» — Джованни Паччининин (1832), В. А. Перовскийдин (1837) ж-а орус интеллигенцияларынын өкүлдөрү: Н. В. Кукольник (1836), И. А. *Крылов* (1839), А. Н. Струговщиковдун ж. б. портреттерин жараткан.

Ад.: Ракова М. М., Брюллов-портретист, М., 1956; Ацаркина Э., К. П. Брюллов, М., 1963.

БРЮНН ПРОГРАММАСЫ — Австриянын Бриккен с.-д. партиясынын улут маселеси б-ча программасы. 1899-ж. Брюннда (Брнодо) өткөн съездде кабыл алынган. Б. п-нын соц. партиялардын тарыхында алгачкы жолу улут маселеси б-ча программалык талаптарды тыянактап коюу далалаты болгон. Съездде маданий-улуттук автономия программасынын долбоору четке кагылып, терр-я чектери б-ча улуттардын өзүн-өзү башкаруусун 1-орунга койгон долбоор кабыл алынган. Б. п-да мурдагы Австрия-Венгрия жеринде өзүн өзү башкаруучу улуттук чектелген обл-тарды түзүү ж-а аларды автономиялуу экстерриялык союздарга бириктирүү белгиленген. Ошентип, Б. п. терр-ялык автономиянын талабы м-н маданий-улуттук автономиянын ортосундагы компромисстик документ болгон. В. И. Ленин бул программада улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу ж-дөгү маркстик жобонун жоктугун, интернационализмден четтеп, маданий-улуттук автономияга жол берилгендигин ашкерелеген. Б. п. *австромарксизмдин* идеологиясына кошулуп, Австриядагы жумушчу кыймылына зыянын тийгизген.

БРЮСОВ Валерий Яковлевич [1(13). 12. 1873—9. 10. 1924] — орус совет жазуучусу, акын, ад-тчы, сынчы, тарыхчы. Көпестүн үй-бүлөсүндө туулган. 1920-жылдан Компартиянын мүчөсү. Москва ун-тинин тарых-филол. ф-тетин бүтүргөн (1899). Б. символизмден соц. иск-вого чейинки таталл жолду басып өткөн. 1894—95-ж. жарыяланган ырлары француз символисттери П. Верлен, С. Маллармелердин поэзиясынын духунда жазылган. «Шедеврлер» (1895), «Бул — мен» (1897), «Үчүнчү күзөт» (1900) жыйнактарында Б-дун өзүнө тиешелүү белгилери даана көрүнө баштаган. Ал рев-яның сөзсүз башталаарын, анын башкы күймылдаткыч күчү пролетариат боло тургандыгын сезген («Ичимен тантар», «Түн», «Ташчы» ж. б. ырлары). 1905-жылдагы рев-яны кубаттаса да, рев-яның мидетин анархисттерче түшүнгөн. Реакция жылдарында Б. рев-яның акыры жеңеринө ишенип, чыг-лык акылды даңазалайт. Окт. рев-ясын ал чын пиети м-н кабыл алат, бир катар сов. кызматтарды аткарат. Б. 1921-ж. Жог. адабий коркөм ин-тту уюштурат. Кийинки чыг-лары рев-яга, Ленинди өлүмүнө арналган. Б. акын, теоретик, драматург, прозачы, тарыхчы, котормочу катары орус ад-тынын өсүшүнө айтарлык кошумча кошкон. Б-ду Горький: «Россиядагы барып турган маданияттуу жазуучу»,— деп атаган (Собр. соч., т. 29., с. 383).

Чыг.: Избр. произв., т. 1—3, М., 1926; Стихотворения и поэмы, 2 изд., Л., 1961.

Ад.: Луначарский А. В., Брюсов и революция, в его кн.: Русская литература, М., 1947; Максимов Д., Брюсов. Поэзия и позиция, Л., 1969.

БРЮССЕЛЬ — Бельгиянын борбору. Сенна д-нын жээгинде. Калкы шаар айланасы м-н 1,1 млн. (1974). 12-кдын 2-жарымынан Брабант герцогдугунун экон. башкы борборлорунун бири. Мында Брабант герцогдорунун (кийинчерээк Нидерландыдагы Габсбургдардын наместигинин) резиденциясы болгон. *Нидерланд буржуазиялык революциясынын* (16-к.) жүрүшүндө 1576-ж. 4-сентябрда Б-дө чыккан көтөрүлүш өлкөнүн түштүгүндө испандык үстөмдүктү жок кылган, бирок 1585-ж. испан аскерлери шаарды кайра басып алган. Б. 1830-жылдагы *Бельгия революциясынын* башкы борбору, ал жеңгенден кийин Бельгиянын борбор шаары болот. 1914—18 ж-а 1940—44-жылдарда Б-ди герман аскерлери басып алган.

Бул шаарда бир нече эл аралык конф-ялар, конгресстер ж-а съездер өткөрүлгөн. Б-дө РСДРПнин 2-съезди (1903-ж. 17—24-июль), 1958-ж. Бүткүл дүйн. көргөзмө болуп өткөн. Б. өлкөнүн борб. ө. ж. райондору ж-а Европанын эски ө. ж. райондору м-н каналдар аркылуу байланышып турат. Бул аны өлкөдөгү при соода-трансп.

ж-а ө. ж. борборуна айландырды. Б.— т. ж., автомоб. ж-а аба жолдор тоому. Ө. ж. жабдууларынын, электр тех., тамеки, майда кустардык (кийим тордоо, килем токуу, ювелир буюм) ишканалар бар. Б-дө ун-т (1834), Саясий ж-а, социалдык илимдин жог. мектеби, Иск-во ж-а илимдер академиясы, музейлер ж. б. бар.

Б. архит. курулуштарга бай. Сен-Мишель-э-Гюдюль собору (1226—1490), Король сарайы (18—20-к.), Парламент үйү (1779—83) ж. б. архит. эстеликтер сакталган. Азыркы жаңы курулуштар: Жүз жылдыктын двореци (арх. Ж. ван Нек, 1935), Борб. вокзал (арх. В. Орта, 1953), Социалдык камсыздандыруу имараты (арх. Х. ван Кейк, 1958), турак жай райондору (1958) ж. б.



Брюссель шаары. Соода борбору.

БРЮССЕЛЬ КОНФЕРЕНЦИЯЛАРЫ (1921, 1937) — Брюссель ш-нда өткөрүлгөн эл аралык конференциялар. 1921-ж. 6—8-*октябрдагы Брюссель конференциясына* Бельгия, Улуу Британия, Франция, Италия, Испания, Германия, Швеция, Дания, Голландия, Румыния, Кытай, Швейцария, Польша, Чехословакия, Эстония, Латвия, Япония, Эл аралык Кызыл Крест, Американын көмөк берүү уюмунун өкүлдөрү катышкан. Максаты — 1921-ж. Россияда ачарчылыкка учурагандарга жардам көрсөтүү. Бирок алардын саны белгисиз деген шылтоо м-н жардам ж-дө эч кандай чечим кабыл алынган эмес, анын ордуна Совет өкмөтүнө падышалык ж-а Убактылуу өкмөттүн карыздарын ж. б. милеттерин мойнуна алган шартта гана башка өлкөдөн кредит алуусуна мүмкүндүк берүү ж-дө чечим кабыл алган. Совет өкмөтү өзүнүн официалдуу документтеринде ж-а билдирүүлөрүндө бул пландын чыныгы максатын ашкерелеген.

1937-*жылдагы Брюссель конференциясына* СССР, АКШ, Бельгия, Кытай, Франция, Португалия, Нидерланддар, Италия, Улуу Британия, Дания, Швеция, Мексика, Боливия, Австралия, Түш.-Афр. Союзу, Канада, Норвегия, Индия ж-а Жаңы Зеландия мамл-теринин өкүлдөрү катышып, анда Япониянын Кытайга жасаган агрессиясы тууралуу Д. Брюстер ачкан (1815), ал $tg\varphi = n$ формуласы м-н туюндурулат. Б. з. чагылган нур м-н сынган нурдун ортосундагы бурч 90°ка барабар болгондо гана аткарылат.

БРЮХОНЕНКО Сергей Сергеевич [30. 4(12. 5). 1890—20. 4. 1960] — сов. физиолог, мед. илимд. доктору (1935). Москва ун-тинин мед. ф-тетин (1914) бүтүргөн. Борб. кан куюу ж-а гематология ин-тунун экспериментгик терапия лабораториясынын башчысы (1931—35), өзү уюштурган Экспериментгик физиология ж-а терапия ил. из. ин-тун башкарган (1935). СССР ИАнын Экспериментгик биол. ж-а мед. ин-тунун Сибирдеги филиалында (1958—60) жасалма кан айлануу лабораториясына башчылык кылган. Б. 1920—24-ж. жасалма кан айлануу методун ачып, дүйнөдө 1-болуп ал үчүн аппарат ойлоп тапкан. Бул аппарат клиникалык өлүмдөгү итти тирилтүүгө пайдаланылган. 1945—51-ж. Б-нун методу б-ча кишини тирилтүү иш жүзүнө ашырылган. Б-го 1965-ж. (өлгөндөн кийин) Лениндик сыйлык ыйгарылган.

БРЯНСК—РСФСРдин Брянск облын борбору. Десна д-нын боюнда. Ири т. ж. тоому. Калкы 318 миң (1970). Шаар 1146-жылдан белгилүү. Б.— ири индустриялуу борбор. Ө. ж-ында машина куруу (тепловоз, автомоб., жол ж-а а. ч. машиналарын жасоо ж. б.) алдыңкы ролду ойнойт. Кайра иштетүүчү металлургия ж-а болот эритүү, курулуш материалдарын чыгаруу, тамак-аш, жыгач иштетүү ө. ж-лары да жакшы өнүккөн. Дашава м-н Шебелинкадан газ түтүгү аркылуу газ алат. Б-де трансп. машина куруу ж-а технол. ин-ттар. 12 атайын орто окуу жайы, драм. театры, край таануу музейи бар.



С. С. Брюхоненко.

БРЯНСК ОБЛАСТЫ РСФСРдин составында; 1944-ж. 5-июлда түзүлгөн. Аянты 34,9 миң *км*². Калкы 1582 миң (1970). 22 районго бөлүнөт. 15 шаар, 27 ш. т. посёлок бар. Борбору — *Брянск* ш.

Областтын жери жантайыңкы түздүк (чыг. тарабы 250—260 *м* көтөрүңкү). Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —8,8°, июлдуку 18,2°. Жылдык жаан-чачыны 550—560 *мм*. Суулары Днепрдин алабында. Башкы дарыясы — Десна. Жериниң кыртышы, көбүнчө күл ж-а боз токой топурактуу. Түн.-батышы күрөң ж-а кара күрөң, түш. ж-а түш.-чыгышы кара топурактуу. Жеринин 30% токой (кызыл карагай, кайың ж. б.).

Калкынын көбү — орустар, ө. эле украиндер, белорустар, 1 *км*² жерге 45,3 киши туура келет. Шаар калкы 47% (1970). Негизги шаарлары: Брянск, Клинцы ж. б. Б. ө. өлкөнүн борб. экон. районуна кирет. Областтын ө. ж. ж-а а. ч-сы жакшы өнүккөн. Негизинен трансп. машина — диаель, тепловоз, атайылаштырылган жүк вагону, кубаттуу тракторлор ж. б. (Брянскиде) чыгарылат. Булардан башка жол машиналары, курулуш материалдар, ө. ж. ишканаларынын жабдууларын, а. ч. машиналарын (Брянск), велосипед (Жуковка), жыгач иштетүүгө керектүү жабдууларды, чоюн куюу, айнек чыгаруу, цемент з-ддору, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. өнүккөн. Областтын көпчүлүк бөлүгүн токой ээлейт, токой *хим.* ө. ж-ы бар. А. ч-да айдоо аянты көп [43%—1326 миң *га* (1969)]. Мындан 690 миң *га* жерге эгин, 191,4 миң *га* жерге картошка, 690 *га* жерге жемиш айдалат. Эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы (уй, чочко, кой) жакшы өнүккөн. Б. ө.— ири т. ж. тоому. Орел—Брянск—Смоленск шоссе жолунун маанеси чоң.

БУБАК — жаансыз ачык, шамалсыз тынч ж-а тумандуу суук мезгилде жер бетинде пайда болгон кар кристаллдары. Ал *шүүдүрүм* ж-а *кыроо* сыяктуу эле жер бетинин жылуулугу атмосферага тарашынан муздап, абанын төмөнкү катмарында *суу буусунун сублимациялашынан* пайда болот. Б. түшкөн учурда абанын темп-расы 0—15°С болот.

БУБНОВ Андрей Сергеевич [23. 3(4. 4). 1883—12. 1. 1940] — сов. мамл. ж-а партиялык ишмер, тарыхчы-публицист. 1903-жылдан Компартиянын мү-

чөсү. Москвадагы а. ч. ин-тунда окуган ж-а рев-ячыл иши үчүн ин-ттан чыгарылган. РСДРПнин 4-(1906) ж-а 5-(1907) съезддеринин катышуучусу. 1907-жылдан РСДРПнин Москва комитетинин мүчөсү. 1909—17-ж. Новгород, Петербург, Сормово, Самара ж. б. шаарларда партиялык иш жүргүзгөн. Бир нече жолу камалган. 1917-жылдагы Февр. рев-ясынан кийин РСДРП(б) Москва обл. бюросунун мүчөсү. РСДРП(б)нин 7-(Апрель) конф-ясынын делегаты. Партиянын 6-съездинде РСДРП(б) БКнын мүчөсү. 1917-ж. октябрда БКнын заседаниесинде Саясий бюрого мүчө, Советтердин 2-съездинен кийин ББАКтын мүчөсү болуп шайланган. 1917-жылдын октябрынан Петроград Аскер рев-чыл комитетинин мүчөсү. 1918-ж. ал *«солчул коммунисттерге»*, 1920—21-ж. *«демократиялык централизм тобуна»*, 1923-ж. троцкисттик оппозицияга кошулган, кийинчерээк бул топтон ж-а оппозициядан баш тарткан. 1924—29-ж. Жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясынын Саясий башкармасынын начальниги, СССР рев-ячыл согуш советинин мүчөсү, ВКП(б) БКнын Уюштуруу бюросунун мүчөсү. 1925-ж. РКП(б) БКнын секретары. 1929—37-ж. РСФСРдин эл агартуу комиссары. РКП(б)нин 8-, 11- ж-а 12-съезддеринде БКнын мүчөлүгүнө кандидат, анын 13—17-съезддеринде БКнын мүчөсү. ББАКтын ж-а СССР БАКтын мүчөсү. Ленин ордени, Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Б.— «Россияда коммунисттик партиянын өнүгүшүнүн негизги учурлары», «РКП тарыхынын негизги маселелери» деген эмгектердин автору.

БУГ, Батыш Буг — СССР м-н Польшанын аймагы аркылуу аккан дарыя, Висла д-нын оң куймасы. Уз. 831 *км*. Алабынын аянты 73470 *км*^{2}. Подоль дөңсөөсүнөн башталып, Мoблин дөңсөөсү ж-а Мозовец-Подляс ойдуңу аркылуу агат. Суусу март — апрелде ташкындап, сентябрда тартылат. Декабрда тоңуп, мартта ачылат. Кар, жамгыр, булактардан куралат. Ири куймалары: Мухавец, Нарев, Бат. Днепр — Буг каналы ж-а бир нече дарыя аркылуу Днепр ж-а Неман д-лары м-н байланышат. Чатынан 315 *км* ге чейин кеме жүрөт. Жээгинде Брест, Сокаль, Червоноград, Каменка-Бугская, Буск ш-лары жайгашкан.

БУГ ТҮШТҮК, Түштүк Буг — УССРдин түш.-батышындагы дарыя. Уз. 792 *км*, алабынын аянты 63740 *км*^{2}. Подоль дөңсөөсүнөн башталып, Кара деңиздеги Днепр-Буг лиманына куят. Кар ж-а жамгыр сууларынан куралат. Ноябрь — январда тоңуп, мартта ачылат. Ири куймалары: Волк, Згар, Ров, Кодыма, Чичиклея (оң); Соб, Синюха, Мертвовод, Ингул (сол). Вознесенск ш-нан тартып кеме жүрөт. Жээгинде Николаев, Первомайск, Винница, Гайворон, Хмельницкий ш-лары жайгашкан.

БУГЕР-ЛАМБЕРТ-БЕР ЗАКОНУ — сиңирүүчү чөйрөдө монохроматикалык (бир түстөгү) нурдун таралышын ж-а анын акырындык м-н начарлашын аныктоочу закон. Бул закондун негизинде чөйрөдөн өткөн нур экспонент б-ча начарлайт. Законду 1729-ж. франц. илимпоз Н. Бугер ачып, 1760-ж. немец илимпозу Г. Ламберт толук изилдеген. Немец илимпозу А. Бер (1852) ал закондун концентрациядан көз карандылыгын аныктаган.

БУГУ ТАМЫР (Rhaponticum carthamoides) — өсүмдүктөрдүн татаал гүлдүүлөр тукумундагы рапонтикум уруусунун түрү. Бийикт. 0,5—2 *м* көп жылдык чөп. Тамыры ж-а тамыр сабагы ичке, өзгөчө жыты бар. Сабагы сейрек бутактуу. Жалбырактары жонокой, сабагына кезектешип жайгашкан. Топ гүлү — корзинка. Түтүкчө гүлдөрү кызгылт көк, 2 жыныстуу. Мөмөсү — урукча. Б. т. СССРдин Саян, Алтай, Жунгар Ала-Тоосунда гана кездешет. Субальпы ж-а альпылык шалбааларда өсөт. Б. т-дын тамырынан ж-а тамыр сабагынан жасалган «Саяны» деген маңыз медицинада кеңири колдонулат. Ал — өнөкөт аракечтикке каршы, организмдин жалпы ишке жарамдуулугун жогорулатууда, акыл ж-а кол эмгектен чарчаганда пайдаланылуучу дары. Б. т-дын дарылык касиети анын составындагы аскорбин, каротин ж. б. заттардын болушуна байланыштуу. Дарылык максатта Б. т. колдо өстүрүлөт.

БУГУ ЧАРБАСЫ — а. ч-нын бугу өстүрүүчү тармагы. Бул тармак Четки Түндүктүн мал чарбасынын негизин түзөт. Дүйнөдөгү бардык бугунун 85%ке жакыны СССРде. Ал тундра ж-а токой-тундра зоналарында өстүрүлөт. Б. ч. Совет бийлигинин тушунда өнүктү. Четки Түндүктүн жерг. калкынын 95% ушул тармакта иштейт. Бугуну 87 колхоз, 107 совхоз, 72 мамл. ж-а кооперативдүү чарба асырайт. Бугу жыл бою жайытта: кышында токойдо, жазында, туут убагында токой тундрасында багылат. Бул үчүн 1000—1800 бугудан бада түзүлүп, 5—7 адам багат. Бугунун мүйүзүнөн дары алат. *Пантокрин* алуу максатында чаар бугу күтүлөт. Б. ч. СССРдин Четки Түндүгүнүн экономикасында зор мааниге ээ. Андан эт, тери, кээде сүт да алынат. Күч унаа катары пайдаланылат.

БУГУЛАР (Cervidae) — кепшөөчү, ача туяктуу жаныбар. Б. 48 түргө (кавказ, о. азия, түн. Б. ж. б.) бөлүнөт. Төрт тукумчасы — кадимки Б., мунтжаки, токол, амер. Б. бар. СССРде 4 уруусу кездешет: 1) кадимки Б.; 2) элик; 3) багыш; 4) түн. Б. Алардын ичинен түн. Б. кеңири тараган. Ал Түн. Европа, Азия, Америкада көп. СССРде жапайы түндүк Б. Таймыр улут округунда, Якутияда, Сибирде, Ы. Чыгышта жашайт. Колго үйрөтүлүп, түндүктүн катаал шартында багылууда. Түндүк бугунун мүйүзү жыл сайын түшүп, кайра чыгат. Эркек бугу мүйүзүн ноябрда, маралы туугандан кийин (жазында) таштайт. Б-нун кээ бир түрүнүн, асыресе чаарынын мүйүзүнөн дары жасалат. Маралынын тирүүлөй салм. 80—120, эркегиники 105—180 *кг*. Б. чөп, токойдогу бадал, дарак жалбырагын, эңилчек ж. б. жейт. Жапайы бугу Кырг-ндын Ысык-Көл ж-а Нарын обл-тарында учурайт. к. *Бугу чарбасы*.

БУГУЛЬМА — Татар АССРиндеги (1781-ж.) шаар, Бугульминка суусунун Зай д-на (Волганын алабы) куйган жеринде. Ульяновск — Уфа линиясындагы т. ж. станциясы. Калкы 72 миң (1970). Б.— Татар АССРиндеги нефть өндүрүү ө. ж-нын ири борбору. Мех., «Нефть автоматика», электр тех. жабдууларды оңдоочу заводдору бар, тамак-аш ө. ж. өнүккөн. Нефть ил. из. ин-ту, Казань курулуш-инж. ин-тунун жалпы тех. ф-тети, индустр., пед. техникум, мед. окуу жайы ж-а музейлер бар.

БУГУЛЬМА-БЕЛЕБЕЙ ДӨҢСӨӨСҮ — Белая, Кама, Волга д-ларынын ортосундагы суу бөлгүч дөңсөө (бийикт. 200—400 *м*). Аки таш теги, кумдук, чоподон түзүлгөн; карст чуңкурлары ж-а үңкүрлөрү кездешет. Токойлуу талаа ж-а талаа ландшафты басымдуу. Нефть чыгат.

БУГУЧУ — Нарын обл-нын Кочкор р-нундагы Кум-Дөбө сельсоветине караштуу кыштак. Орток тоосунун этегинде. Ленин атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Кочкордон 25 *км* бат. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 75 *км*. Калкы 520 (1973). Китепкана, медпункт бар.

БУДАЛЫК — Ош обл-нын Алай р-нундагы Будалык сельсоветине караштуу кыштак. Ленин атн. с-здун борбору. Р-ндун борбору Гүлчөдөн 19 *км* чыг. тарапта, Ош т. ж. станциясынан 101 *км*. Калкы 1718 (1974). Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, 3 китепкана, медпункт бар.

БУДАПЕШТ — Венгр Эл Респ-касынын саясий, экон. ж-а маданий борбору. Ортоңку Дунай ойдуңунда. Дунай д-нын өйүз-бүйүзүндө. Аянты 525 *км*^{2}. Калкы 2 млн-го жакын (1970).

Б. тарыхый 3 бөлүктөн (Пешт, Буда, Обуда) турат. 1872-ж. бир шаарга бириккен. 1241-ж. Буда, Обуда, Пешт монгол-татар баскынчылары тарабынан талкаланган. 1242-жылдан Буда — венгр королдорунун борбору. 1350-жылдан алардын туруктуу резиденциясы. Буда, Обуда ж-а Пешт 1541—1686-ж. түрктөрдүн, 18-к-дын башында Габсбургдардын кол астында болгон. Буда м-н Пешттин калкы 1848—49-жылдагы Венгрия рев-ясында чоң роль ойногон. Габсбург династиясы, Австр.-Венгрия монархиясы ж-а венгерлик магнаттар ортосунда түзүлгөн келишим (1867) б-ча Б. Венгриянын борбору болуп калган.


Будапешт. Парламент үйү.

19-к-дын акырында Б.— рев-чыл жумушчу кыймылынын борбору. 1919-ж. *Венгр Советтик Республикасынын* борбору болгон. 1944-ж. мартта нем. фаш. аскерлер басып алган, 1945-ж. 13-февралда Сов. Армия бошоткон. 2-дүйн. согушта аябай талкаланган, 1956-жылдагы контррев-чыл козголоңдо да бир аз кыйраган. 1960-ж. толук бойдон калыбына келтирилди. 1949-ж. шаар айланасындагы Чепель, Уйпешт, Кишпешт, Будафок ж. б. элдүү пункттар Б-тин составына кошулган.

Б.— Европадагы ири жол тоому. Анда өнөр жайдын жаңы тармактары (электр техника, прибор жана машина куруу, химия, полигр. ж. б.) м-н мурдатан бери өнүккөн тамак-аш, кара металлургия, кездеме токуу ө. ж. бар. Б-те негизинен трансп. машина куруу («Ганц-Маваг» комбинаты дизель поездин, «Икарус» маркасындагы автобусту ж-а мотоциклдерди) ж-а электр тех. (телефон, телеграф жабдуулары, электр вакуумдук аппараттар, трансформатор, генератор ж. б.) жакшы өнүккөн. Прибор, станок куруу, токуу, тигүү ж-а тамак-аш ө. ж-лары алдыңкы орунда.

Б-те архит. эстеликтер өтө көп. Дунай суусуна салынган 8 көпүрө аркылуу алардын бардыгына барууга болот. Мис., Король сарайы (13—18-к.), Гюль-Баба мавзолейи (16-к.), Улуттук музей-үйү (1837—47), Опера театры (1875—84) ж. б. 1945-жылдан шаарды кайра куруу планы ишке ашырылып, жаңы типтеги коомдук ж-а турак жай курулуштары массалык түрдө курулууда. Б-те ун-т, ин-ттар., ил. из. ин-ттары, академиялар, китепканалар, музейлер, театрлар ж. б. бар.

Будапешт. Петефиге коюлган эстелик.



Ад.: Цапенко М. П., Будапешт, М., 1958; Геллерт Д., Будапешт, пер. с венг., М., 1959; Венгрия 67, Будапешт, 1967.

БУДДА (санскр. «күнөөдөн арылган» деген мааниде) — буддизм дининде олуялыкка жеткен «касиеттүү» адам. Буддалык диний китептерде миңден ашык Б. бар. Тар мааниде Б. буддизмди негиздөөчү деп эсептелген Сиддхартха Гаутаманы айтат, ал б. з. ч. 623—544-ж. жашаган. 29 жашында атасынын хан сарайынан, өз үй-бүлөсүнөн безип, жер кезип кетет да, ар кандай кырсыктардын себебин ачып, алардан адамдарды «куткаруунун» жолун тапмакчы болуп, диний китептерди окуп, брахманизмден баш тартат да, жаңы динди таратууга аракет кылат. Акырында ал «чыныгы динди» тапкандыгын жарыялап, Б. деген наам алат. Ал өмүрүнүн акырына чейин башка шаарлар м-н кыштактарда өз динин үгүттөгөн имиш. Бул адамдын тарыхта болгондугу ж-дө анык маалымат жок. Буддизм таралган Азиянын көп мамлекеттеринде Б. ж-дө ар түрдүү легендалар пайда болгон. Б-нын образы, ага коюлган эстеликтер буддизмде «касиеттүү» деп эсептелинет.

БУДДА ИСКУССТВОСУ — Буддага сыйынууга байланыштуу байыркы ж-а о. кылымдын аралыгындагы ар түрдүү көркөм эстеликтер. Адегенде Индияда Будданын өмүрү ж-а иши тууралуу *иконография* салты, түрдүү символикалык образдар пайда болгон. Будда курулушунун негизги типтери: илгери курулган үңкүр храмдары (архит. скульптура ж-а сүрөт синтези катары), ступалар. Булар Будданын эрдигине арналган. Кытай, Япония ж-а Кореяда ар түрдүү типтеги жыгач храмдар, скульптуралык чакан чыг-лар, монументтүү скульптура ж. б. сүрөттөр Будда сюжеттеринде курулган. Индонезия м-н Камбоджадагы пагодалар (касиеттүү таш мечиттер), Индия, Бирма ж-а Непалдагы монастырь комплекстери, Тибет, Монголия ж-а Бурятиядагы лама монастырларынын курулуштары түздөн-түз Б. иск-восунун мыкты үлгүлөрү болуп саналат.

БУДДИЗМ — дүйнөдөгү үч чоң диндин бири. Байыркы Индияда б. з. ч. 6—5-к-да чыккан. Уламыш б-ча, ага Будда негиз салган. Адегенде *брахманизмдин* бир тармагы катары пайда болуп, анын айрым түшүнүктөрүн (жандын көчүп жүрүшү, тозок, бейиш) мурастап алган; бирок брахмандардын касталарды актаганына каршы турган. Алгачкы Б. «хинаяна» («кичине араба» же «тар жол») деп аталып, «азап тартуу» ж-а «жан куткаруу» жагынан адамдар тең укуктуу деп эсептелген. Аракетсиздик ж-а турмушка моюн сунуу идеясын жактаган Б-ди эзүүчү таптар оңой кабыл алып, анын эл арасына жайылышына көмөк көрсөткөн. Б. з. ч. 3-к-да Индияны сурап турган Ашок падыша Б-ди мамл. дин деп жарыялаган.

1-к-да Индиянын түн.-бат. тарабында Б-дин «махаяна» («чоң араба» же «улуу жол») деген жаңы түрү пайда болот. Анын догматтарында бодисатвалар, б.а. «жан куткарууга көмөктөш теңирлер» чоң орун ээлейт.

Б-дин филос. системасынын негизинде дхармалар теориясы жатат. Бул теория б-ча, материалдык ж-а духовный нерселердин баары бир агымга кошулуп, айрым элементтерден турат. Элементтер туруксуз ж-а опаасыз келет, ошондуктан элементтерден тургандын баары («көрүнүштөр дүйнөсү») чыныгы реалдуу бытие боло албайт. Ар бир элементтин түбөлүк, өзгөрбөс, түшүнүп болбос ээси бар, ал дхарма деп аталат. Дхармалар өтө көп, бирок алардын 75 түрү гана чыныгы реалдуу бытие («маңыз дүйнөсү») боло алат. Дхармалардын өз ара айкалышынан жекече аң-сезим жаралат. Жандуунун азап-тозок тартышын Б. жашоонун мааниси деп санайт.

Б-дин философиясы — диний идеализм, ага чегине жеткен *релятивизм* мүнөздүү. Бирок алгачкы Б-де стихиялуу диалектиканын айрым белгилери да бар болуп, кийинчерээк диний-идеалисттик көз караштарга басылып калган.

Б-дин эң башкы диний догматы жандын кубулуп, бир түрдөн экинчи түргө өтүп, жаңы түспөл алып турушу ж-дөгү түшүнүккө негизделген. Бул ишеним б-ча, дхармалардын тутумдашкан белгилүү бир тобу («комбинациясы») жандуу нерсени жашатып турат; ал «комбинация» бузулса, жандуу нерсе өлөт; андан кийин дхармалар жаңы «комбинацияга» биригип, жан кубулат. Натыйжада падыша (раджа) кул болуп, кул падыша болуп кубула алат. Дхармалардын жаңы «комбинациясын» карма жаратат, ал эми карма болсо өткөн чакта жасалган «күнөөлөр» м-н «сооптордун» кошундусу деп түшүндүрүлөт. «Сообу» «күнөөсүнөн» ашып түшсө, кубулуу эң мыкты болот. Кубулуунун түпкү чеги — нирвана

(өчүү, сиңүү маанисинде). Буга жеткенде, жандын кубулушу токтолот, жандуу нерсе азап-тозоктон биротоло арылат. Адам кечилдик (монахтык) жол м-н кетсе гана «нирванага» жетиши мүмкүн.

Индияда Б. м-н брахманизмдин жанаша жашап, жакындашып отурушу акыры жаңы диндин — *индуизмдин* пайда болушун шарттаган. 10-к-дын башында Индияда Б. маанисин жоготкон. Бирок Б. Тибетке, Кытайга, Кореяга, Японияга, Инди-Кытай мамлекеттерине, Монголияга, Таиландга, Индонезияга таралып кеткен. Ал жерг. диний түшүнүктөр м-н айкалышып, мазмунун ж-а формасын өзгөртүп отурган. Мис., Тибет м-н Монголияда Б. *ламаизм* түрүнө өткөн. Окт. рев-ясына чейин Б-дин ламаизм түрү Россия империясынын карамагында жашаган бурят, калмак, тува элдерине да тараган.

Ад.: Энгельс Ф., Людвиг Фейербах жана классикалык немец философиясынын акыры, Фр., 1968; Ильин Г. Ф., Религия древней Индии, М., 1959; Кочетов А. Н., Буддизм, М., 1968.

БУДЁННОВКА (С. М. *Будённыйдын* ысмынан).— Чүй р-нундагы Октябрь сельсоветине караштуу кыштак. Кочкорбаев атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Старо-Покровкадан 35 *км* бат. тарапта, Кант т. ж. станциясынан 4 *км*. Калкы 1924 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

БУДЁННЫЙ (1929-жылга чейин—Кара-Буура) — Киров р-нундагы Киров сельсоветине караштуу кыштак. Киров атн. к-здун аймагында. Кара-Буура суусунун жээгинде, р-ндун борборунан 11 *км* бат. тарапта, Маймак т. ж. станциясынан 56 *км*. Калкы 1174 (1973). Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

БУДЕННЫЙ (мурдагы Дыйкан-Азык) — Чүй р-нундагы Бурана сельсоветине караштуу кыштак. «Бурана» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Старо-Покровкадан 8 *км* түш. тарапта. Токмок т. ж. станциясынан 8 *км*. Калкы 494 (1974).

БУДЁННЫЙ Семён Михайлович [13 (25). 4. 1883, Козюрин хутору, азыркы Ростов обл. Пролетарск р-ну,— 26. 10. 1973, Москва] — сов. аскер ж-а мамл. ишмер, Граждандык согуштун баатыры, Сов. Союз. Маршалы (1935), 3 жолу Сов. Союз. Баатыры (1958, 1963, 1968). 1919-жылдан КПССтин мүчөсү. Кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1903-жылдан армияда. Орус-япон согушунда (1904—05), 1-дүйн. согушта көрсөткөн эрдиги үчүн 4 жолу Георгий кресті м-н сыйланган.



С. М. Будённый.

Улуу Окт. рев-ясынан кийин Дондо Сальский округдук аткомунун мүчөлүгүнө шайланат. 1918-ж. ак гвардиячыларга каршы атчандар отрядын уюштурган; отряд көбөйүп полкко, бригадага, анан дивизияга чейин жеткен. 1919-ж. июнда Б-дын командачылыгы м-н атчандар корпусу түзүлүп, ноябрда 1-атчандар армиясына айланат. Бул армия Гражд. согушта Деникин, Пилсудский ж-а Врангелдин аскерлерин талкалоодо зор роль ойноду. 1921—23-ж. Рев-ячыл аскер советинин мүчөсү, анан Түн. Кавказ аскер округунун командачысына орун басар. Жылкы заводдорун уюштурууда, башкарууда көп иштеди, натыйжада жылкынын жаңы породалары (*будённый жылкысы* ж-а *терек жылкысы*) чыгарылды. 1923-жылдан Б. Кызыл Армиянын Баш командачысынын атчан аскер б-ча жардамчысы, СССР рев-ячыл аскер советинин мүчөсү. 1924—37-ж. РККАнын атчан аскер инспектору. 1932-ж. М. В. Фрунзе атн. Аскер академиясын бүтүргөн. 1937-жылдан Москва аскер округунун командачысы, СССР коргоо эл комиссариатынын Башкы аскер советинин мүчөсү, 1939—40-ж. коргоо эл комиссарынын орун басары. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде Жог. Башкы командованиенин Ставкасынын составында, Ставканын резерв армияларынын аскер топторунун командачысы ж-а бир катар фронттун командачысы. 1943-ж. январдан Сов. Армиянын атчан аскерлеринин командачысы ж-а СССР Куралдуу мин-восунун Жог. аскердик советинин мүчөсү; 1947—53-ж. а. ч. министрдин жылкы чарбасы б-ча орун басары, 1953—54-ж. атчан аскер инспектору.

1920-жылдан ББАКтын, 1922-жылдан СССР БАКтын мүчөсү, СССР Жог. Советинин (1—8-шайл.) депутаты, 1938-жылдан СССР Жог. Советинин Президиумунун мүчөсү. 1934-жылдан ВКП(б) БКнын мүчөлүгүнө кандидат, 1939-жылдан БКнын мүчөсү, 1952-жылдан КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидат. Жети Ленин ордени, 6 Кызыл Туу, 1-дараж. Суворов ордени, Азерб. ССРинин Эмгек Кызыл Туу, Өзбек ССРинин Эмгек Кызыл Туу ордени, МЭРдин ордендери, Кызыл Туу ордендүү аскердик алтын курал, Кызыл Туу ордендүү рев-ялык ардактуу тапанча, СССРдин герби түшүрүлгөн ардактуу курал-кылыч ж-а көптөгөн медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Пройденный путь, кн. 1—2, М., 1958—59.

Ад.: Сидоров В. И., Первая Конная армия, М., 1949.

БУДЁННЫЙ ЖЫЛКЫСЫ — ата мекендик мингич жылкы породасы. 1921—48-ж. С. М. Буденный атн. ж-а Ростов обл-дагы атчандар армиясынын жылкы з-ддорунда дон жылкысын таза кандуу мингич жылкы м-н аргындаштыруудан алынган. Ал сымбаттуу ж-а чоң, өңү жээрде, буурул ж-а тору. Орт. бийикт. 161,8—162,2 *см*; көкүрөк курчамы 189,4—186 *см*; тулку боюнун уз. 163,3—163,5 *см*, тирүүлөй салм. 500—550 *кг*. Унаа катары ж-а ат спортунда пайдаланылат. Күлүктүгү жагынан жылкынын ата мекендик башка породаларынан артыкчылыгы бар ж-а туруктуу тукум куует. Б. ж. Ростов обл-нын жылкы заводдору м-н совхоздорунда өстүрүлөт. Айгырлары Ростов обл-нын, Краснодар, Ставрополь крайларынын, Каз-н, Украина, Өзб-н, Молдавия ж-а



Кырг-ндын жылкы фермаларында тукум жакшыртуу үчүн пайдаланылат.

БУДУР — Ош обл-нын Совет р-нундагы Ой-Тал сельсоветине караштуу кыштак. Кара-Тума тоосунун этегинде, Сидоров атн. с-здун борбору. Р-ндун борбору Кара-Кулжадан 90 *км* түш.-чыг. тарапта, Кара-Суу т. ж. станциясынан 180 *км*. Калкы 708 (1974). Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

БУЖ (фр. bougie — зонд, медицинада) — түтүк түрүндөгү мүчөлөрдү (заара чыгаруучу канал, кызыл өңгөч ж. б.) кеңейтүү ж-а изилдөө үчүн колдонулуучу ичи көңдөй, жумуру түтүкчө. Б. каучук, пластмасса же металлдан жасалып, жоондугу, формасы ж-а узундугу түрдүүчө болот. Ал *урологияда* заара чыгаруучу каналды кеңейтүү үчүн пайдаланылат. Б. кулак, көмөкөй, көкиртек, кызыл өңгөч ж-а кан тамыр Б-дарына бөлүнөт.

БУЖУМ — Ош обл-нын Баткен р-нундагы Баткен сельсоветине караштуу кыштак. «Москва» к-зунун аймагында. Ош — Исфана шоссе жолунун боюнда, Төрт-Күл суу сактагычынын чыг. тарабында, р-ндун борбору Баткенден 5 *км*. Исфара (Тажик ССРи) т. ж. станциясынан 27 *км*. Калкы 2276 (1971). Орто мектеп, төрөт үйү, чач тарач бар.

БУЖУМБУРА — Бурунди мамл-нин борбор шаары. Калкы 90 миң (1972). Өлкөнүн негизги соода-трансп. ж-а экон. борбору. Танганьика көлүнүн түн.-чыгышындагы порт. Автомоб. жолдорунун тоому. Эл аралык маанидеги аэропорт. Цемент, пиво чыгаруучу заводдору, тор, бут кийим даярдоочу фабрикалар, кофе ж-а пахта тазалоочу ө. ж. тармактары иштейт. Балык уулоо өнүккөн.

БУЗАЧИ — Каспий деңизинин түн.-чыг. жээгиндеги жарым арал. Казак ССРинин Гурьев обл-да. Деп. деңгээлинен 61 *м* бийиктикте. Түш. жагы дөңсөөлүү, кээ бир жерлеринде *бархан* ж-а кум дөбөчөлөрү бар. Түн. жагы шор топурактуу. Түштүгү Маңгышлак ж. а-нын тоолору м-н туташат. Кийинки жылдарда Каспий деңизинин деңгээли төмөндөп, жээгинин кургашынан ага жакын жаткан майда аралдар кошулуп, Б-нин аянты бир кыйла кеңейди.

БУЙВОЛ — ача туяктуулар түркүмүнө кирүүчү, сүт эмүүчү жаныбарлардын бир түрү.



Б. салмактуу, мойну ж-а буту кыска, жазы маңдай, букасынын моюн-көкүрөк териси салбырак, мүйүзү уч кырдуу, куйругу узун. Өңү кара, боюнун бийикт. 130 *см*, тулкусунун уз. 135 *см*, инек Б-дун салм. 460 *кг*, букасы 800 *кг* га чейин. 12 ай көтөрүп, жалкы тууйт. Анын 3 тукуму, 4 түрү белгилүү. Африка, Азия ж-а Тынч океандагы аралдарда кездешет. Б. б. з-дан 3—4 миң жыл мурда колго үйрөтүлгөн. СССРде Азерб., Грузия, Арменияда индия Б-у өстүрүлөт. Б. кеч жетилет. Саан Б. 1400—1600 *кг* сүт берет; сүтүнүн майлуулугу 8—8,8%.

БУЙЛА — тоонун таноосундагы ортоңку кемирчектин тешилген жерине өткөрө турган шиш. Шиштин бир жагы жоон ж-а тоголок бөрктүү болуп, ичке башы буйла жипти байлоо үчүн муунакталып коюлат.

БУЙНАКСКИЙ Уллубий Даниялович (1890—1919) — Дагстанда Совет бийлиги үчүн күрөштү уюштуруучулардын бири. 1916-жылдан Компартиянын мүчөсү. Москва ун-тинин юрид. ф-тетинде окуган. 1917-ж. Февр. рев-ясынан кийин Москванын Хамовнический р-нунда, кийин Дагстанда парт. иш жүргүзгөн. 1917-жылдын ноябрынан Петровск — Портанын (азыркы Махачкала), 1918-ж. Дагстан обл. аскердик рев-чыл советин башкарат. Дагстанда Совет бийлиги убактысынча кулагандан кийин Астраханга кетип, 1919-жылдын башында Дагстанга кайра келет да, РКП(б)-нин подпольелик обл. комитетин, Дагстан аскердик советин түзүүгө катышкан. 1919-ж. 13-майда провокатордун айгагы б-ча Б. башында турган обкомдун бардык мүчөлөрү контррев-чыл «тоолук өкмөт» тарабынан камакка алынып, аскер-шарыят сотуна берилген ж-а атылган. 1922-ж. Темир-Хан-Шура шаары Б-дин урматына Буйнакск болуп аталган.

БУКА — жынысы жетик эркек уй. Ал тубар уйдан чоң, кең көкүрөктүү, ирдүү болот. Тирүүлөй салм. 700—850 *кг*, 6—8 айлыгында жетилет, 14—18 айлыгынан баштап куутка кошулат. Асыл тукум ишине пайдалануу үчүн Б. породасына, тегине, дене тазалыгына, сырткы түзүлүшүнө, жыныс кубатына, алынган төлгө жараша тандалат. Б. чарбада 6—8 жыл, айрымы 12—14 жылга чейин урунулат. Колдон уруктандырганда, бир буканын уругу м-н бир нече миң (5 миңге чейин) тубар уй кууттан чыгат. Б. зоовет. эрежелерге ылайык багылат.

БУКА ЗОО — Моравиядагы (Чехосл.) үңкүр. Андан темир доорунун (б. з. ч. 1 миңинчи жылдын ортосу) эстеликтерине бай көрүстөн табылган. 1872-ж. чехосл. археолог И. Ванкель изилдеген. Адегенде үңкүрдө *гальштат маданиятына* тиешелүү устакана болгон, кийинчерээк көрүстөнгө айландырылган. Жоокердик араба, темир курал-жарактар, эгиндин даны ж. б. табылган. Жезден жасалган буканын статуясынын табылышына байланыштуу Б. з. деп аталып калган.

БУКА ТАРТЫШ — кыргыздагы той-тамашада күч сынашуучу оюндун бир түрү. Ал үчүн аркан колдонулат. Түз жерге туура чийин сызылат. Аркандын 2 учу бириктирилип түйүлөт да, чийиндин эки жагына аркан теңделип ташталат. Эки балбан чыгат. Алар аркандын 2 туюк учун көк желке м-н омуроого илип, кыйып кетпес үчүн калпак же башка калың жумшак нерсени кежигеге коюп, төрт аяктап экөө 2 тарапка тартышат. Булардын кимиси чийинден чыгара өз тарабына сүйрөп кетсе, жеңиш ошонуку болот. Бул оюнду кээ бир жерде «сүйрөтмө» же «ит тартыш» деп да аташат.

БУКАРА [ар. фукара — факир (бакыр, жарды, кедей) деген сөздүн көптүк санда айтылышы] — Окт. рев-ясына чейин О. Азия ж-а Каз-н элдеринде бир нече мааниде колдонулуп келген сөз. Асыресе кыргызда ал сөз мындай түшүнүктөрдү туюндурган: 1. Бир мамлекетке же уруулук бирикмеге, о. эле бийлик ээсине (бекке, болушка, бай-манапка, ханга, падышага) караштуу калктын, уруу-уруктун, адамдардын ж-а жеке кишинин жалпы жонунан аталышы. Бул маанидеги «Б.» орусча «подданный» дегенге, кээде «вассал» дегенге жакын турган. 2. Патриархалдык-феод. кыргыз коомунда бир чоң уруунун арасына кошулуп, ошол урууга (уруу башчысына) саясий-экон. жактан багынычтуу абалдагы бөтөн уруктун же уруу бутагынын өкүлдөрүн да Б. деп айтышкан. 3. Бүткүл эмгекчи калкты, кара күчү м-н күн көргөн карапайым кишилерди, айрыкча кедей-кембагалдар м-н жарды-жалчыларды бай-манаптар кемсинтип Б. же кара Б. деп аташкан. Бирок 19-к-дын 2-жарымы—20-к-дын башында кыргыз коомунда патриархалдык-феод. мамилелердин ыдырашына, таптык жиктелүүнүн тереңдешине, тап күрөшүнүн курчушуна байланыштуу «Б.» дегендин мааниси бир кыйла кеңейип ж-а айкындалып, өзүнчө *социалдык институтту* туюндурган терминге айлана баштаган. Ушул маанидеги Б.— үстөмдүк кылган таптын карама-каршысында турган социалдык катмарлар, б. а. материалдык байлыктардын баарын өндүргөн, бирок саясий ж-а экон. жактан бай-манаптарга көз каранды абалда турган көпчүлүк эмгекчи эл. Демек, кыргыз элинин рев-яга чейинки коомдук аң-сезиминде «Б.» деген сөз аркылуу коомдо айкын-ачык таптык жиктелүүнүн бар болушу ж-а эзилген эмгекчилердин өзүнчө социалдык катмар катары айырмаланышы белгиленген. 4. Окт. рев-ясынан кийин «Б.» сөзү белгилүү даражада саясий маани алып, жалпы эле кедей-кембагалдарга ж-а эзилген эмгекчи калкка карата айтылган (к. *«Букара» союзу*). Совет бийлигинин алгачкы жылдарында «Б.» деген *пролетариат* маанисинде да пайдаланылган. Азыр ал тарыхый сөз болуп калды.

Ад.: Кыргыз ССР тарыхы, 1-т., Фр., 1974; Джамгерчинов Б., Очерк политической истории Киргизии XIX века (вторая половина), Фр., 1966; Соколов А., О кара-киргизах, «Семиреченские областные ведомости», 1910, № 54; Алибай, Манап и букара, «Туркестанские ведомости», 1903, № 12.

БУКАРА — Калинин р-нундагы Орто сельсоветине караштуу кыштак. Тельман атн. к-здун аймагында. Р-ндун борбору Калининден 18 *км* түш.-бат. тарапта. Калкы 1044 (1974). Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, клуб, китепкана, медпункт бар.

«БУКАРА» СОЮЗУ — кыргыздардын кедей ж-а орто дыйкандарын бириктирген Пишпек у-деги демокр. союз. Имаш *Көбөков* м-н Бакретдин *Саипбаевдин* демилгеси б-ча 1917-ж. май айында түзүлгөн. «Б.» с-нун программасы эмгекчи элдин таламдарын коргоону, талапка ылайыктуу кыргыз элинин аң-сезимин көтөрүүнү, демокр. негизде ж-а закондуулукка таянып, кыргыз коомчулугунун турмушун жөнгө салууну белгилеген.

Союздун Уюштуруу съезди 1917-ж. 9—10-сентябрда Пишпекте өткөн. Союздун башкармасынын пред-лдигине Казан ун-тинин юрид. ф-тетинин студенти Кожомурат *Сарыкулаков*, анын орун басарлыгына И. Көбөков Б. Саипбаев ж-а А. Барменов шайланган. Союздун алдында кооперативдик керек-жарак коому түзүлүп, ага 7159 адам мүчө болуп кирген. Бул Түркстандагы эң ири коом эле.

«Б.» с. большевиктердин жетекчилиги астында Кырг-ндын түндүгүндө Совет бийлигин орнотууда ж-а чың-

доодо зор роль ойногон. Ал 1918-ж. май айында «Кыргыз пролетарларынын совети» болуп кайрадан түзүлгөн.

БУКАРЫ (кажары) — колго терип согулган оймо-чиймелүү жука, жумшак таар. Эриштин жипгерин калытуу ж-а чогоруу ыкмалары м-н оймо-чийме түр салынат. Б-да бир калыпта жайгашкан терүүлөр кайталануу м-н кооздолот. Таардын өзгөчөлүктөрү: арткы бетинде оймо-чиймени түзүүгө катышпаган, аркакка 3—4 жолу бастырылбай калган бош жиптери болот. Алар андан кийинки оймо-чиймени салууга гана оң тарабына чыгарылат. Таардын түсү көбүнчө кызыл, көк, сары, кээде ак болуп, жеңекей кууш ормокто токулат, эни 5—30 *см* болот. Б. сызмалар боз үйдүн үзүк-туурдугуна, жыгачтарына боо кылынат. Б-дан ат жабуу, такта жабуу, куржун, тегирич, палас, шалча ж. б. жасалат. Б. Кырг-ндын бардык райондорунда, өзбек, каракалпак ж-а казактарда да бар.

БУКАЧАР — бычылбаган өркеч торпок. Асыл тукум ичинде, өзгөчө үйдү колдон уруктандыруу методун кеңири колдонуу максатында Б-дын мыктысы тандалып алынат. Анда жыныс кубаты, сырткы түзүлүшү (экстерьери), породалык сапаты, тукумчулдугу аныкталат.

БУКЕТТӨӨ — өсүмдүктү суюлтууда колдонулуучу агротех. ыкма. Б. культиватор м-н жүргүзүлөт. Мында культиватор айдоонун туурасынан өткөндө, кескичи өсүмдүктүн бир тобун кыркып, өсүмдүктү белгилүү санда калтырат. Андан кийин малаланат, айрым учурда кол м-н суюлтулат. Ар букетте (өсүмдүктүн түрүнө жараша) 8ге чейин өсүмдүк калат.

БУКИНИСТ (фр. bouquiniste — эски китеп) — пайдаланылган, таңсык болгон, эски ж-а сейрек китептер м-н соода жүргүзгөн адам.

БУКТУРМА — 1. Душманды капысынан кыйратуу, колго түшүрүү, анын согуштук техникасын ойрондоо үчүн аскер болүкчөсүнүн (же партизандардын) күн мурун даярданып, билипбегидей жашырынып жайланышы. 2. 16—17-к-дагы Орус мамлекетинин ш-ларындагы буктурма воеводасы башында турган гарнизон.

БУЛА — ийрүүгө жарактуу эң ичке ж-а бышык жипче. Б. ичке, бышык, катуу ж-а ийилгич болот да, текстиль (пакта) ж-а хим. Б. болуп айырмаланат. Текстиль Б-сынан (к. *Текстиль буласы)* жип ийрилип, текстиль буюмдары даярдалат. Химиялык Б. жасалма ж-а синтет. болуп болунөт. Жасалма Б. табияттык орг. полимерлерден алынат да, ага вискоза, жез-аммиак, ацетат ж-а белоктуу Б-лар кирет. Булар жыгачтан же көбүнчө көбез целлюлозадан, белоктуу Б-лар өсүмдүктөрдүн же жаныбарлардын белокторунан (зеин, казеин) даярдалат. Синтетикалык Б. синтет. полимерлердин (полиамид, полиэфир, полилефиндин) коюу көлкүлдөк эритмесинен, же полимердин (полиакрилонитрил, поливинилхлорид, поливинил спиртинин) суюк эритмесинен кургак ж-а суулуу метод б-ча алынат да, текстиль жиби ж-а штапель буласы түрүндө иштетилип чыгарылат. Алардан ар түрдүү буюмдар ж-а кездемелер даярдалат, к. *Химиялык буладан токулган кездемелер.*

БУЛА БӨЛГҮЧ — пахтанын чигитин буладан бөлгүч машина. Б. б. машиналар валиктүү ж-а араалуу болуп бөлүнөт. Валиктүү Б. б. машинанын негизги бөлүктөрү тери оролгон жумуру валиктерден; араалуу Б. б. машинаныкы тасма оролгон тиштүү валиктерден турат. Араалуу Б. б. буланы араанын тиштеринде карман чигитинен ажыратат. Валиктүү Б. б. буланы валиктердин ортосунда кысуу методу м-н бөлөт.

БУЛА ӨСҮМДҮКТӨРҮ — була алуу максатында өстүрүлүүчү бир же көп жылдык өсүмдүктөр. Б. ө-нө зыгыр, кара куурай, кенеп, жут, кендир, кротолярия, сесбания, агава, банан ж. б. кирет. СССРде негизинен зыгыр, кара куурай, кенеп өстүрүлөт. Бардык Б. ө-нүн уругунда тамакка ж-а техникага керектүү майлар бар. Кунжарасы малга тоют болот. Б. ө-нөн ар түрдүү кездеме, аркан, жип, балык уулоо шаймаңы, таар, килем ж. б. жасалат. Саманынан курулуш тактасы, кагаз, жылуулук өткөрбөөчү материалдар даярдалып, отун катары да колдонулат. Кара куурай бакчылыкта кооздук үчүн да айдалат. СССРде көбүнчө РСФСР, Украина, Белоруссия, Поволжье, Прибалтикада, азыраак Өзб-н, Түркм-нда эгилет. Б. ө. Кырг-нда 1967-жылга чейин өстүрүлүп келген. Б. ө-нүн 40ка жакын сорту бар.

БУЛАВА — спорт ж-а көркөм гимнастикада, динамикалык көнүгүүлөрдү аткарууда колдонулуучу буюм. Б. жыгачтан же металлдан түрлүү формада жасалат. Уз. 40—50 *см*, салм. 400—500 *г* болот.

БУЛАВИН Кондратий Афанасьевич (1660-ж. чамасы — 1708) — Россиядагы антифеод. көтөрүлүштүн (1707—09) башчысы. Дондук казак-орус, станица атаманынын уулу. Крым татарларына каршы жортуулдарга катышып, атамандык кылган. Кийин Бахмуттагы туз кенинде да атаман болгон. 1707-ж. көтөрүлүш баштаган [к. *Булавин көтөрүлүшү (1707—09)*]. Б-ди Черкасскиде старшиналар өлтүргөн.

БУЛАВИН КӨТӨРҮЛҮШҮ (1707—09) — Россиядагы казак дыйкандардын орус феодалдарынын эзүүсүнө каршы кыймылы. К. А. *Булавиндин* ысмы м-н аталган. Шаардык кедейлер м-н эзилген элдер (татарлар, мордвалар ж. б.) көтөрүлүшкө түп көтөрө чыгышкан. Көтөрүлүш 1707-ж. 9-октябрга караган түнү Шульгинск ш-нан башталып, тез эле Дондун

стардан чыккан Б-тын дебити жогору. Б. тоолуу аймактарда көп. Түзсүз Б-тан эл ичет, мал сугарылат, кээде сугат үчүн керектелет. Минералдуу ж-а арашан Б-тын дарылык касиети бар.

БУЛАК, к. *Кулак оорулары.*

БУЛАК-БАШЫ, Саң-Сарай — Ош обл-ныи Баткен р-пундагы Баткен сельсоветине караштуу кыштак. «Москва» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Баткенден 5 *км* түн. тарапта, Исфара (Тажик ССРи) т. ж. станциясынан 17 *км*. Калкы 333 (1974).

БУЛАК-БАШЫ, Сүлүктү — Ош обл-ныи Лейлек р-нундагы Кулунду сельсоветине караштуу кыштак. «Кулунду» к-зунун аймагында. Р-ндун борбору Исфанадан 35 *км* түн. тарапта, Пролетарский т. ж. станциясынан 5 *км*. Калкы 558 (1974). Сегиз жылдык мектеп бар.

БУЛАКЧЫЛАР (Trichoptera) — курткумурскалар классындагы түркүм. Денеси майда түктүү, ооз органдары начар өөрчүгөн. Буту узун, курсагы он муунактан турат. Жумурткаларын суугa же суу жээгиндеги өсүмдүктөрдүн жалбырактарына таштайт. Личинкасы куурчакчага айланганга чейин 4—6 жолу түлөйт. Алар жер шарына кеңири тараган. Б-дын личинкалары ж-а куурчакчалары м-н балыктар азыктанат.

БУЛАМЫК — эмчектеги балдар жей турган тамак. Б. бышырыш үчүн унду койдун майына же сары майга кууруп алып, муздак сүткө, кээде сууга чалат да, отко коюп, коюулуп бышканга чейин кайнатат. Б.— балага жегиликтүү ж-а жагымдуу тамак.

БУЛАНЖЕРИТ (француз минералогу С. Л. Буланжеинин ысмынан) — таталл сульфиддерге кирүүчү минерал. Хим. формуласы $Pb_5Sb_4S_{11}$. *Моноклин системасында* кристалл данат. Өңү каралжын боз, металлдай жалтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2,5—3,0. Салышт. салм. 6,2. Гидротерм. кендеринде сульфиддер ж-а сульфантимониттер м-н бирге кезигет. Б.— 2-дараж. коргошун рудасы.

БУЛАНЖИЗМ — ген. Ж. Э. Буланже баштаган Франциядагы шовинисттик кыймыл. Үчүнчү респ-канын кризиси кырдаалында, 19-к-дын 80-жылдары пайда болгон. Аскердик диктатураны орнотуу максатында Буланже ири буржуазиянын саясатына эл массасынын ж-а майда буржуазиянын нааразылыгын пайдаланган. Буланженин негизги тиреги монархисттер Германияга каршы реваншисттик согуш ж-дө самаанын ашынган улуттучулдар болсо да, кыймылды адегенде радикалдар колдошкон. Буланже конституцияны кайта кароону, парламентти таратууну супуп кылган. 1889-ж. Буланженин монархисттер м-н байланышы ашкереленгенден кийин, ал Бельгияга качып кетип, кыймыл тез эле басандап кеткен.

БУЛБУЛ (Luscinia) — таранчы сымалдар түркүмүнүн өзүнчө уруусу. Уз. 20 *см*. СССРде Б-дун 7 түрү бар. Алардын ичинен кадимки ж-а көк таман же саз булбулу кеңири тараган. Көбүнчө суу жээктериндеги бадалдуу токойлордо, камыштуу саздарда, арчалуу, бадалдуу жерлерде жашайт. Б. курт-кумурска, чымын-чиркейдин личинкаларын жейт. 4—5



жумуртка тууйт. Апрель — май айларында келет да, сент.— октябрда жылуу жактарга учуп кетет.

БУЛГААРЫ — керектелишине жараша мех., физ. ж-а хим. жол м-н касиети өзгөртүлүп, малдын терисинен жасалган материал. Ушуга шылайык Б. СССРде бут кийимдик, шаймандык, техникалык ж-а кийим-галантереялык деп 4 класска бөлүнөт.

Бут кийимдик Б-дан бут кийимдин ичи-сырты даярдалат. Ичкисине ички таман, таман, ички ашкыт, ичилик; ал эми сырткысына башы, кончу, ашкыты кирет. Бут кийимдин ичи бодо малдын, төөнүн, чочконун, деңиз жаныбарларынын терисинен ар түрдүү боёчу заттар м-н иштетилген катуу Б-дан жасалат. Алар ийлөөнүн түрүнө, иштетилүү мүнөзүнө, калыңдыгына (1,75—7 *мм*), сортуна (4 сорт) жараша айырмаланат. Мындай Б. хром, таннид, синтан, кээде алюм., цирконий ж. б. бирикмелер кошуп ийленет (к. *Боёо)*. Андан бут кийимдин таманы, ич таманы, ички ашкыты жасалат да, таманы мык же желим м-н карматылат, болбосо тигилет. Бут кийимдин сыртына кетчу Б. жумшак болууга тийиш, ошон үчүн ага көбүнчө хром кошулуп ийленет. Сырты үчүн лакталган Б. да керектелет. Мунун хромдолгон Б-дан айырмасы: бетине майлуу, полиуретандуу, нитроцеллюлозалуу лак сүйкөлөт. Ичилике жумшалчу Б. иштетүү мезгилинде ийленип, бирок начар чыгып калган материалдан алынат.

Шаймандык Б-дан кур, планшетка, сумка, ат шаймандары жасалат. Буга бодо малдын ж-а чочконун териси жумшалат.

Техникалык Б-дан машиналардын тетиктерине кыймыл бергич ж-а токуу станогун айландыргыч тасмалар, машинанын тетиктери (ызгыт, манжет ж. б.) ж-а тех. буюмдар даярдалат.

Кийим-галантереялык Б.— хромдуу ж-а айкалыштырылган метод м-н ийленип, оон териден жасалган жумшак материал. Кийимдик Б. көбүнчө кой, кээде чочко терисинен жасалат. Галантереялык буюмдар (мээлей ж. б.) үчүн кой, ачкы, кулун, торопой, ит ж. б. жаныбар терисинен даярдалган Б. керектелет.

Кыргыздар да мурда өтүк, кепич, маасы, тердик ж. б. жасаш үчүн атайын Б. даярдашкан. Ал үчүн мал, кайберен терисин жыдытып, малмага ашатып, челден, ийлешкен. Тери ийи жеткен кезде, бадандын, ат кулак, ышкын, кымыздык, ындыз сыяктуу өсүмдүктөрдүн түбүнө (тамыры), кабыкка (талдын, сары жыгачтын ж. б.) боёлгон. Боёлгон тери тебелеңип же талкууга салынып ийленген да, боёктун өңү өчпөсүн үчүн ачык таш кошулуп, тоборсугандан кургаганча ийленген.

БУЛГААРЫ СЫРЬЕСУ — малдын, жапайы айбандардын ж-а дениз жаныбарларынын *булгаары* жасоого жарамдуу териси. Терининн жарамдуулугу анын калыңдыгы, эни, салмагы, сапаты, хим. составы, белоктук заттардын өзгөчөлүгү ж. б. касиеттерине жараша болот. Бул касиеттер малдын түрү, тукуму, жашы, жынысы, жашаган жери, багылышы, союлган методу ж-а мезгили, сакталышы ж. б-га байланыштуу. Б. с-нүн негизгилери—үйдүн, жылкынын, кой-эчкинин, чочконун, төөнүн, бугунун ж. б. терилери.

БУЛГААРЫ-БУТ КИЙИМ ӨНӨР ЖАЙЫ — жеңил ө. ж-дын булгаары жасоочу ж-а бут кийим ултаруучу тармагы. Анда булгаары кийим, ат жабдыгы, галантерея буюмдары да жасалат.

Россияда ө. ж-дын бул тармагы артта калган. Улуу Окт. рев-ясынан кийин завод-фабрикаларды реконструкциялоонун, кеңейтүүнүн, куруунун ж-а кол эмгегин машина м-н алмаштыруунун, жаңы ыкмаларды ишке киргизүүнүн натыйжасында булгаары-бут кийим өндүрүшү жеңил ө. ж-дын ири тармагына айланды. Анын өсүшүнө булгаары-бут кийим машиналарын көп чыгаруу, инж.-тех. кадр даярдоочу атайын окуу жайлардын, ил. из. ин-ттардын пайда болушу көмөк берди. СССРдин жеңил ө. ж-нын дүң продукциясынын 22%ке жакыны ушул тармакка таандык. Бут кийим чыгарууда булгаары, ар түрдүү жасалма булгаары колдонулат (бут кийимдин 60%тен көбү резина м-н тамандалат). Кийинчерээк булгаарыдан жеңил ж-а бышык көпшөк резина материалдар колдонула баштады. Булгаары бут кийим чыгаруу б-ча СССР дүйнөдө 1-орунда (1971). Өлкөдөгү ири ишканаларга Таганрогдогу, Осташковдогу, Москвадагы, Киевдеги булгаары ж-а Ленинграддагы «Коминтерн» атн. хром булгаары з-ддору, Ленинграддагы «Скороход», Москвадагы «Париж Коммунасы», Тбилисидеги бут кийим ф-калары ж. б. кирет. Мындай ири ишканалардын катарына Фрунзедеги

№ 1, 2-булгаары э-ддорду ж-а «Чолпон» фирмасын кошууга болот. Бут кийим чыгарууну кишн башына эсептегенде, соц. өлкөлөрдөн Польша, Чехословакия, ГДР, Венгрия дүйнөдө алдыңкы орунду ээлейт. Капит. өлкөлөрдөн АКШ, Италия, Англия, Франция, ГФРде булгаары-бут кийим ө. ж. жакшы өнүккөн.

Ад.: Мурванидзе Д. С., Основные направления развития обувной промышленности, М., 1968.

БУЛГАКОВ Сергей Николаевич (16. 6. 1871—13. 7. 1944) — орус бурж. экономисти, философу ж-а теологу. Киевде (1901—06) ж-а Москвада (1906—18) саясий экономия б-ча профессор. 1923-жылдан ак эмигрант. 19-к-дын 90-жылдары Б. «легалдык марксист». 1905—07-жылдагы рев-ядан кийин реакциячыл ж-а улутчулдук жолго түшкөн. Философияда тарыхый материализмге каршы чыккан. Б. диний-мистикалык философиялга берилип, илимдин, философиянын, диндин чаташкан аралашмасын түзүүгө ж-а социалдык-саясий проблемаларды диний метафизиканын жардамы м-н чечүүгө аракеттенген. Марксисттер Б-дун экон., филос. көз карашын ж-а саясий позициясын катуу сынга алышкан, к. *«Агрардык маселе» жана «Марксты сынга алуучулар».*

БУЛГАНЧ СУУЛАРДЫ ТАЗАЛОО — ичүүгө ж-а тиричиликке керектелүүчү сууларды оору жугузуучу микроорганизмден тазалоо. Булганч суулар адам ден соолугу үчүн опурталдуу; алар аркылуу ичеги-карын жугуштуу оорулары таралышы мүмкүн. Б. с. т. үчүн табигый ж-а жасалма методдор колдонулат. Табигый методуна чыпкалоо же сугат талаалары ж-а биол. көлмөлөр кирет. Булганч суулар жасалма түрдө хлор, озон ж-а ультра кызгылт көк нурлар м-н таасир этүү аркылуу тазаланат. Практикада сууну хлорлоо жолу кеңири колдонулат. Хлордун өлчөмү суунун сапатына ж-а суу өткөргүчтүн өзгөчөлүгүнө жараша белгиленет.

БУЛГАР ТИЛИ — 8—14-к-да жашаган байыркы булгарлардын тили. Түрк тилдеринин булгар тобуна кирет. Айрым эстеликтерде учураган кээ бир тилдик фактыларга караганда, Б. т. азыркы чуваш тилине көбүрөөк жакындашат: «р» жана «л» тыбыштары жалпы түрк тилдериндеги «з» ж-а «ш» тыбыштарына, «-мыш» «-ган» формасынын ордуна, «-сун» «-гай» формасынын ордуна туура келет. Байыркы мүчөлөрдөн «-ык» мүчөсү мүнөздүү. Б. т-нин лексикалык элементтери венгр ж-а болгар тилдеринен кездешет.

БУЛГАЧЫ УЛУСУ, ичкилик — 15-к-дын аягы — 16-к-дын башында калыптанган кыргыз элинин негизги уюткусун түзгөн үч уруу бирикмесинин бири. Тарыхый жазма даректерге караганда, Б. у-нун тутумуна ошол кездеги бостон тейт, кыдырша, дөөлөс, канды, жоо кесек сыяктуу уруулар кирген. Булгачы наамындагы уруулар бирикмеси 12—13-к-дын чегинен бери белгилүү. Ошол чакта ал бирикме Енисей-Иртыш д-ларынын баш жагында дөөлөс (толос), баргут ж. б. уруулар м-н аралаш, *Енисей кыргыздары* өлкөсүнө коңшулаш жашаган. Мындан кийинки 150 жыл убакыттагы Б. у. урууларынын тарыхы азырынча белгисиз. 14-к-дын аягында Б. у. феод. уруулар бирикмеси катарында Или-Иртыш д-ларынын аралыгында Тимурдун аскерлерине каршы аёосуз күрөшкөн. Акыры Тимур өзү баштаган кол басып киргенде, Б. у. Алтайга чегинген. Туткунга түшкөн уруулар тобунун бир бөлүгү Түш.-Бат. Тянь-Шанга жайгаштырылат. Кийин ушул жерге Б. у-нун негизги уюткусу топтолгон да, ал уруулар кыргыз элинин тутумуна ичкилик деген наам м-н кошулган.

БУЛДУРУК, кыл куйрук (Syrrpates paradoxus) — *кара боорлор* түркүмүндөгү куш. Денесинин уз. 40—45 *см*, салм. 250 *г* га жетет. Өңү саргыч күрөң, туурасынан кеткен тилкелери бар. Буттары 3 манжалуу, алар бири бирине биригип өскөн. Канат ж-а ортоңку жуп куйрук чалгындары өтө узун, ичке. Түш.-чыг. Европада, Борб. ж-а О. Азияда таралган. Талаа ж-а боздондордо кездешет. Жазында 2—3 жумуртка тууп, 1 ай басат. Өсүмдүктүн уругу, бүрү ж. б. м-н азыктанат. Эти тамак катары пайдаланылат.

БУЛЕ (гр. bulē — кеңеш) Байыркы Грецияда — 1) Гомердин поэмаларында уруу ак сөөктөрүнүн *басилей* алдындагы кеңеши. 2) Аристократиялык ж-а олигархиялык шаар-мамлекеттердеги (б. з. ч. 5-к-дын башына чейин) ак сөөктөрдүн же бай адамдардын башкаруу кеңеши. 3) Демокр. полистердеги аткаруучу бийликтин ж-а мамл. контролдун жог. органы. Б-нин мүчөлөрүнүн саны ар кайсы мезгилде ар кандай болуп, 400—500, 600 адамдан турган ж-а 10 комиссияга бөлүнүп, кезектешип иштеген.

БУЛ-ТЕКЕ КЕНИ — Кырг-ндагы керамзиттик сланец чыгуучу жер. Москва р-нундагы Беловодский (Ак-Суу) кыштагынан 35 *км* түш. тарапта, Кыргыз Ала-Тоосунун түн. этегинде. Кен 1967-жылдан бери белгилүү. 1968—69-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы тарабынан геол. изилдөө ж-а чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын негизинен ордовик м-н антропоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмө ж-а девондун аягындагы интрузия тоо тектери түзөт. Күкүрт боз, кара түстөгү серицит-чопо-көмүртектүү ж-а көмүр-чополуу сланецтер — кендин пайдалуу катмарлары. Алардын калыңд. 600 *м* ден ашык. Кендин чалгындалган аянты негизи 650 *м* ж-а бийикт. 450 *м* келген үч бурчтук формасында. Кендеги сланецтердин көөп чыгуу коэффициенти 6,14, көөп чыгуу темп-расында (1160°C) орт. көлөмдүк салм. 0,44 *г/см³*. Кендеги сланецтер «Б» классынын «500» маркасындагы керамиттик гравий ж-а кум алууга жарамдуу. Кендин жалпы запасы 5 090 667 *м³*, бирок аны дагы көбөйтүү мүмкүнчүлүгү бар. Кен азырынча казылып алынбайт.

БУЛУҢ — 1) океан, деңиз ж-а көлдүн кургактыкка кирип турган бөлүгү. Пайда болушу, жээгинин түзүлүшү, формасы жагынан Б. ар түрдүү. Аянты жагынан кичинелери — бухта, сүйрү узунураак формада болуп, баш жагында дарыя куймасы орун алса — эрин, ичке ж-а терең келип, кургактыктын ичкерине кирип барган ж-а эки жагы жар м-н чектелгени фиорд деп аталат. Дүйнө океанындагы ири Б-дарга Аляска, Бенгал, Бискай, Чоң Австралия, Гвинея булуңдары кирет. Ысык-Көлдүн Түп, Жыргалаң, Кызыл-Суу сыяктуу бир топ булуңдары бар. 2) Кыргыздар буюмдардын, заттардын, персөлердин бурчтарын же ийрилиш жерлерди да Б. деп коюшат.

БУЛУТ — өтө майда суу тамчылары м-н муз кристаллдарынын атмосферада топтолушу. Ал абада (негизинен тропосферада) суу буусунун көбөйүшүнөн пайда болот. Б-тар жер бетинен 1—6 *км* ге чейин ж-а андан да жог. бийиктикте байкалат. Эгер суу буулары тамчы түрүндө абанын жерге туташ бөлүгүндө коюуланса, туман деп аталат. Б-ту түзүүчү суу тамчыларынын өлчөмү (диаметри) 0,001—0,05 *мм*, ал эми 1 *см³* де орто эсеп м-н 100—600 тамчы, б. а. 0,2—0,5 *г* суу болот. Б-тун өңү: ак, боз, кара. Бийиктик б-ча калыңд. 0,1 *км* ден бир нече *км* ге чейин жетет. Эл аралык классификация б-ча, Б-тар бийиктигине карай 4 яруска; сырткы көрүнүшү б-ча түрмөк, канат сымал, катмарлуу болуп бир нече түргө бөлүнөт. Б.— аба ырайынын жерг. белгилеринин бири. Б-тун пайда болушун, формасын, түрүн ж-а анын кыймылын байкоонун негизинде аба катмарларынын туруктуулугун, нымдуулугун ж. б. өзгөрүүлөрүн билүүгө болот. Адам баласынын Б-тарга активдүү таасир тийгизе алышынын эл чарбасы үчүн зор мааниси бар. Азыркы учурда илим м-н техниканын жетишкендиктерине таянып, Б-тан жаан жаадыруу, чагылгандуу Б-тардын пайда болушуна тоскоолдук кылып, а. ч-сына зыян келтирүүчү мөндүрдүн түшүшүн токтотуу, чогулган Б-тарды таркатуу, мезгилсиз түшүүчү үшүктөрдөн өсүмдүктөрдү сактап калуу жолдору иштелип чыккан. Бул үчүн Б-тарга атайы реагенттер (катуу көмүр к-тасы, йоддуу күмүш, ультра үндөр ж. б.) аралаштырылат. Б-тарга реагенттерди жиберүү (алып баруу) самолёттордун, ракеталардын ж. б. куралдардын жардамы м-н ишке ашыры-



1. Канат сымал булут (Cirrus). *2.* Бийик катмарлуу булут (Altostratus). *3.* Бийик түрмөк булут (Altocumulus). *4.* Катмарлуу түрмөк булут (Stratocumulus). *5.* Катмарлуу булут (Stratus). *6.* Катмарлуу жамгыр булуту (Himbostratus). *7.* Түрмөк булут (Cumulus). *8.* Жамгырлуу түрмөк булут (Cumulonimbus).

лат. Азыркы мезгилде 10 000 *км²* аянттагы Б-тарды таратууга же аны узак убакыт бою сактап туруу мүмкүнчүлүгү табылды.

Ад.: Хргиан А. Х., Физика атмосферы, Л., 1969.

БУЛУТ ӨЛЧӨГҮЧ — булуттун төмөнкү ж-а жог. чегинин бийиктигин өлчөөчү прибор. Ал асманга шар-зонд м-н көтөрүлүп, булутка киргенде ж-а андан чыкканда, жарык шооласынын өзгөрүшүн ж-а абадагы суу тамчыларын сезгич элементтүү радио бергичинин сигналы, жердеги байкоо пункту тарабынан кабыл алынат. Шар-зонддун бийиктик б-ча ылдамдыгы ж-а сигнал өзгөрүлгөнгө чейинки убакыт белгилүү болгондон кийин, булуттун бийиктиги эсептелип чыгарылат. Б. ө. *метеорологияда* колдонулат.

БУЛЧУҢ ТКАНДАРЫ, к. *Ткандар.*

БУЛЧУҢДАР — адамдын, бардык омурткалуу жаныбарлардын ж-а көпчүлүк омурткасыздардын денесин кыймыл-аракетке келтирүүчү органдар (же алардын мүчөлөрү). Б-дын кыймылы аркылуу ар кандай кызмат аткарылат. Б. жылма ж-а туура тилкелүү болуп бөлүнөт. Көпчүлүк омурткасыз жаныбарлардын Б-ы ж-а омурткалуу жаныбарлар м-н адамдардын кан тамыры, ички органдары (жүрөктөн башкасы) жылмакай Б-дан турат. Адамдын, о. эле. омурткалуу ж-а кээ бир омурткасыз жаныбарлардын тулку бою м-н жүрөгү туура тилкелүү Б-дан турат. Адамдын Б. аткарган кызматы б-ча баш, моюн м-н тулку бойду, ийин кырчоосу м-н кол сегменттерин ж-а жамбаш кырчоосу м-н бут сегменттерин кыймылга келтирүүчү топтон турат. Адамдын денесинде 327 түгөйлүү ж-а 2 түгөйсүз Б. бар. Ар бир булчуң көп сандаган булчуң жипчелеринен туруп, сыртынан өзүнчө чарым м-н капталган. Алар сөөктөргө тарамыш аркылуу бекийт. Б-дын эң негизги кызматы ж-а касиети — алардын кыскарып, кыймылга келиши. Нерв импульстарынын таасири м-н алар чоюлуп, узундугун ж-а көлөмүн өзгөртөт. Б-дын жыйрылышы андагы козголууга байланыштуу. Жыйрылуу жалгыз гана булчуңга тиешелүү, ал эми козголуу нерв ж. б. ткандарга да мүнөздүү. Бардык эркин кыймылдар өз ара байланыштуу ж-а татаал, шарттуу ж-а шартсыз рефлекстер м-н жөнгө салынып турат.

Ад.: Иванов Г. Ф., Основы нормальной анатомии человека, т. 1, М., 1949; Синельников Р. А., Атлас анатомии человека, т. 1, М., 1952.

БУЛЧУҢДУН ИШИ, к. *Булчуңдар.*

БУЛЫГИНДИК ДУМА — Россияда өкүлдөрдүн катышуусу м-н закон кабыл алууда кеңеш берүүчү органдын тарыхка кирип калган аты. Мунун түзүлгөндүгү ж-дө 1905-ж. 6-августтагы падыша манифестинде жарыяланган. Б. д-нын долбоору ревячыл күчтөрдүн ыркын кетирүү, буржуазия м-н келишип алуу максатын көздөгөн маневр болгон. Долбоор А. Г. Булыгин башында турган ички иштер мин-восунда иштелип чыккан (аталышы ошондон улам). Б. д-нын долбоору б-ча калктын көпчүлүгү: жумушчулар, аялдар, аскер кызматындагылар, окуучулар ж. у. с-лар шайлоо укугуна ээ болгон эмес; дыйкандар үчүн 4 баскычтуу, помещиктер ж-а буржуазия үчүн 2 баскычтуу шайлоо белгиленген. Меньшевиктер самодержавиени сактоо м-н «ревчыл өзүн өзү башкарууну уюштуруу» ураанын алып чыгышкан. В. И. Ленин Б. д. элдин өкүлдүгүн өтө кордогонун белгилеген. Большевиктер жумушчулар м-н дыйкандарды Б. д-га активдүү *бойкот* жарыялоого чакырган. Б. д. чакырылбай калган. Аны 1905-ж. Бүткүл росс. октябрь стачкасы жексен кылды.

БУЛЬДЕНЕЖ (фр. boule de neige — тоголок кар) — шилбилер тукумуна кирүүчү калинанын бир түрү. Гүлү аппак, шарга окшоп кооз болот. Апрелдин аягында гүлдөп, май — июнда гүлү күбүлөт. Б-дин бийикт. 3—4 *м* ге жетет. Ал жашылдандыруу үчүн өстүрүлөт. Б. нымдуу ж-а салкын жерде жакшы өсөт.

БУЛЬДОГ (англ. bulldog) — иттин бир түрү. Ал Англияда чыгарылган. Боюнун бийикт. 50 *см*, көкүрөгү жайык, башы жалпак, чоң тумшук, ал-

дыцкы жаагы салыцкы, оңү темгил, сары, чаар. Англия Б. үй кайтаруу үчүн пайдаланылат. Франция Б. кичине ж-а сымбаттуу. Боюнун бийик. 30—40 *см*. Башы тоголок, чоң, кулагы тик, буту кыска, оңү чаар, куу, темгил сары.

БУЛЬДОЗЕР — алдында асма калагы (пегизги иштөөчү органы) бар трактор же өзү жүрүүчү шасси. Б. жер казуу, кык чыгаруу, дарак жыгуу, сугат тармагын, көлмө, байламта куруу, аянтты тегиздөө ж. б. жумуштарга колдонулат. Б-дин калагы трактордун түртүүчү рамасына бириктирилет.

БУМ (гимнастикалык) — гимнастикалык машыгууларды группалык ж-а жалгыз аткарууда пайдаланылуучу жабдык. Туурасынан салынуучу жалпак жыгачтын уз. 4—5 *м* келип, бийик. 3 *м* ге чейин жеткен тиреөчкө бекитилет. Бийиктикти каалаган деңгээлге көтөрүү үчүн тиреөчтөрдөгү тешиктерден өткөрүлүп бекилүүчү темир илмектери болот.

БУМЕДЬЕН Хуари (16. 8. 1925-ж. т.) — Алжирдин саясий, аскер ж-а мамл. ишмери. Полковник (1957). Дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Зитун (Тунис) ж-а аль-Азхар (Египет) ун-тterинен билим алган. Кесиби — мугалим. Каирде араб тилинен сабак берген. 1955-ж. Алжирге жашыруун келип, франц. колонизаторлорго каршы алжир элинин күралдуу көтөрүлүшүнө катышкан. 1958-ж. Оран провинциясындагы көтөрүлүш чыгарган бөлүктөргө командачылык кылган. 1960—62-ж. Алжир. рев-ясынын Улуттук советинин мүчөсү ж-а Улуттук-боштондукка чыгаруучу армиянын Генштабынын начальниги, 1962-жылдын сентябрынан Алжир Элдик Демокр. Респ-канын (АЭДР) улуттук коргоо министри, 1963—65-ж. АЭДР Мин. Советинин пред-лине биринчи орун басар. 1965-ж. 19-июндан Рев-чыл советке пред-ль, 10-июндан АЭДР Мин. Советине пред-ль. 1963, 1965, 1967-ж. СССРге келип кеткен.

БУМЕРАНГ — илгери австрал. уруулар урунган ачылык ж-а согуш куралы. Б-га окшош чокморлор Байыр-



Австралия бумерангдары.

кы Египетте, Түш. Индияда, Түш.-Бат. Азияда болгон. Австралиялыктар урунган Б. ыргытканда өзүнө кайрылып келет. Ал — орок сымал бир учу кыска, жалпак, экинчи учу узунураак, калак сымал буюм. Ийри катуу жыгачтан жасалат. Б-дын көкөлөп учуп барып, кайра кайтып келиши ыргытуунун ылына, шамалдын багытына жараша болот.

БУНД (Bund — союз) — Россиянын бат. обл-тарындагы, көбүнчө кол өнөрчү еврейлерди бириктирген майда бурж.-улутчул уюм. Ал «Литва, Польша ж-а Россиядагы бүткүл еврей жумушчуларынын союзу» деп аталган. 1897-ж. Вильнодо еврей с.-д. топторунун съездинде түзүлгөн. Б. оппортун., майда бурж. улутчулдар партиясы болуп, с.-д. кыймылдын пегизги маселесинде оппортун. позицияда турган. РСДРПнин 1-съездинде (1898) Б. РСДРПнин составына кирген. Б-чулар РСДРПнин 2-съездинде (1903) өздөрүн еврей пролетариатынын РСДРПдеги бирден-бир өкүлү деп таанууну ж-а партияны федерация негизинде түзүүнү талап кылышкан. Съезд бул талапты четке какканда, Б. РСДРПнин составынан чыккан. РСДРПнин 4-(Бириктирме) съездинде (1906) ал РСДРПнин составына кайрадан кабыл алынган. Б. улуттардын өз тагдырын өздөрү чечүүгө укуктуу деген большевиктердин программалык талаптарына каршы реакциячыл «маданий-улуттук автономия» талабын койгон. РСДРПнин Бүткүл росс. 6-(Прага, 1912) конф-ясы Б-чуларды партиядан чыгарган. Б. 1-дүйн. согуш убагында социал-шовинисттик позицияда туруп, Февр. рев-ясынан кийин меньшевиктерге кошулуп, Убактылуу өкмөттү колдогон. Гражд. согуш жылдарында Б-дун жетекчилери контррев-чыл күчтөр м-н биригишти. 1917-ж. андан солчул топ бөлүнүп чыкты да, Б. өзүнөн өзү жоюлду (1921).

БУНИН Иван Алексеевич [10(22). 10. 1870, Воронеж — 8. 11. 1953, Париж] — орус жазуучусу. Россиядагы сынчыл реализмдин көрүнүктүү өкүлү. Жакырданган дворян үй-бүлөсүндө туулган. Чыг-лыгы 1887-жылдан башталган. Биринчи ырлар жыйнагы («Ырлар») 1891-ж. жарык көргөн. «Күбүлгөн жалбырак» (1901) ыр жыйнагы Пушкин сыйлыгына татыктуу болгон. А. П. Чехов (1895) ж-а М. Горький (1899) м-н таанышып, алардын таасиринде жүргөн. «Кыштак» (1901) повестинен тартып Б. коомдук кеңири тематикага өтөт. «Байыркы адам», «Түнкү сүйлөшүү», «Көңүлдүү короо», «Игнат», «Захар Воробьев» деген ачкемелеринде Б. Россиянын тагдырын орус дыйкандарынын тагдыры катары караган. Россия императордук ИАнын ардактуу мүчөлүгүнө шайланган (1909). Чыгышка саякат жасап, анын таасири м-н «Күн храмы» (1907—11) деген очерктер циклин жазат. 1910-жылдары Б-дин чыг-лыгында эскини көксөө, патриарх. дворян турмушун идеал катары даңазалоо, келечекке пессимизм м-н кароо сыяктуу мотивдер пайда болот. Б. Окт. рев-ясын кастык м-н тосуп алып, 1920-ж. Францияга эмиграцияга кеткен. Б-дин чыг-лары карама-каршылыктуу болсо да, зор эстет. сапатка ээ. Б-ге 1933-ж. Нобель сыйлыгы берилген. Б.— повесть, аңгеме жанрынын устаты, чебер стилист ж-а лирик жазуучу. Б-дин айрым чыгылары СССРде жогору бааланат. Айрым аңгемелери кыргыз тилине которулган.



И. А. Бунин.

Чыг.: Собр. соч., т. 1—9 [Вступ. ст. А. Твардовского], М., 1965—67.

Ад.: Михайлов О. Н., Иван Алексеевич Бунин, М., 1967.

БУНОСТОМОЗ (Bunostomosis) — кепшөөчү малдын жумуру мите куртгардын кесептинен пайда болуучу жугуштуу ылаңы. Көбүнчө жаш малды ыландатып, энзоотиялык түрдө өтөт, ылаң ургундай коңур күдөө, кышка жуук байкалат. Мите курт малдын ичегисинде уялайт. Ылаңдаган мал чычкактап, арыктайт, кансырайт, музоонун шыйрагы жараланат. Айрыкча козу, музоо өлүмгө учурайт. Малдын кыгынан, ичегиден буностомдорду табуунун ж-а лаборат. изилдөөнүн негизинде диагноз коюлат. Дарылоо: тиабендазол, фенотиазин, диптерекс тоют м-н берилет. Профилактика: жаш малды болок багуу, малды маалы, өлчөмү м-н тоюттандыруу, сугаруу ж. б.

БУРАМА САЙ — цилиндр же конус түрүндөгү тетиктин (болттун, бураманын) бетине туурасынан кесилиши ж-а кадамы туруктуу бурама сызык б-ча салынган сай. Сайдын туурасынан кесилишинин формасына карата үч бурчтук, трапециялык, тик бурчтук, такалма, тоголок түрүндөгү Б. с-лар болот. Алар сайдын санына жараша бир жолдуу, көп жолдуу (эки, үч ж. б.), колдонулушуна карата бекитүүчү жө жүргүзүүчү (кыймыл өткөргүч) болуп бөлүнөт. Б. с-дын негизги параметрлери: сырткы диаметри d, ички диаметри d_1, орто диаметри d_2, кадамы S, профиль бурчу α. Машинанын бекитүүчү тетиктери үчүн үч бурчтук, метрдик $\alpha = 60°$, d ж-а S *мм* м-н берилет) ж-а кээ бир учурларда дюймдук ($\alpha = 55°$, d дюйм м-н, S бир дюймдагы жолдун саны м-н берилет) Б. с. колдонулат. Түтүктөрдү туташтыруу үчүн атайын тыгыз түтүктүк Б. с., башка атайын учурларда сааттын, автомобилдин, велосипеддин Б. с-лары пайдаланылат.

Мындан тышкары питчалык ($S = \frac{2^{1},4}{p}$ *мм*, P — диаметрлик питч), модуллук ($S = \pi m$, $\pi = 3{,}14$, m — модуль) Б. с. болот.

БУРАМА САЙЛУУ БИРИКМЕ — машинанын ар кандай бөлүктөрүн бири бирине бекитүүчү тетиктердин жыйындысы. Бирикменин пегизги тетиктери: болт, шпилька, гайка. Алардын

конструкциялык формасы ж-а өлчөмдөрү ар түрдүү. Булар Мамл. жалпы союздук стандарт б-ча чыгарылат. Тартылган бирикме аны ажыратуучу күчкө же болт м-н гайканын ортосунда кысылуудан пайда болгон сүрүлүү күчү кесүүчү күчкө туруштук бериш керек. Тетиктердин баштары 6 жактуу, квадрат, тегерек же жарым тоголок ж. б. формада болот. Бирикменин конструкциясында болттун башы жайгаша турган орун болбогондо, шпилька же бурама колдонулат. Шпилька көп учурда динамикалык күчтөргө жакшы туруштук берет ж-а шпилькалуу конструкцияны жыйноо ж-а ажыратуу да оңой. Буроо убактысында бекитүүчү тетиктин бетин бузбоо үчүн бураманын башынын же гайканын астына эбелек коюлат. Бекитүүчү тетиктер (арналышына жараша) көмүртектүү, легирленген, дат баспоочу болоттон же түстүү металлдардан жасалат.

БУРАМА СЫЗЫК — бир убакта *ОО* кыймылсыз окту туракту буруучу ылдамдык м-н айланып ж-а октун узундугу б-ча туракту ылдамдыкта алга жылуу кыймылындагы *М* чекитинин чийген мейкиндик ийри сызыгы. Тегерек цилиндрдин бетинде жайланышкан Б. с. цилиндрдик Б. с. деп аталат. Б. с-тын формасын өзгөртпөстөн өзүн өзү б-ча жылдыруруга мүмкүн болушу маанилүү касиетке ээ. Бул касиет ар түрдүү бурама түрүндөгүлөр үчүн колдонулат. Б. с-тын каалаган *М* чекитине жүргүзгөн жаныма сызыгы *ОО* огу м-а туракту бурчту түзөт. Тегерек конустун бетинде конустук Б. с. болот.

БУРАМА ТҮРҮНДӨГҮ КЫЙМЫЛ — түз сызыктуу v ылдамдыктагы алга жылуу ж-а v ылдамдыгына жарыш багытта aa_1 огунун айланасында бурчтук ылдамдык м-н айлануу кыймылдарынан турган катуу персенин кыймылы. aa_1 огунун багыты өзгөрбөстөн Б. т. к-доочу персе — бурама деп, ал эми aa_1 огу бураманын огу деп аталат. Эгер v ж-а w багыттары оң жакка багытталса — оң бурама, ал эми алардын багыттары карама-каршы өзгөрсө, сол бурама деп аталат. Бураманын огунда жаткан персенин ар кандай чекитинин толук бир айланын өткөн аралык h — бураманын кадамы, ал эми

$$P = \frac{v}{\omega}$$

чоңдугу бураманын параметри деп аталат. Эгердө P туракту болсо, бураманын кадамы $h = 2\pi v/\omega$ да туракту болот. Персенин aa_1 огунан r аралыкта жайгашкан M чекитинин ылдамдыгы $v_м$ ж-а ылдамдануусу $w_м$ төмөнкү формула м-н аныкталат: $v_м = \sqrt{v^2 + rw^2}$; $w_м = \sqrt{w^2 + r^2(\varepsilon^2 + w^4)}$, w — персенин окту бойлото алга жылуу кыймылынын ылдамдануусу, ε — октун айланасында айлануучу кыймылдын бурчтук ылдамдануусу.

БУРАМА ЭРЕЖЕСИ — электр тогу м-н анын магнит талаасынын өз ара багыттарын аныктоо эрежеси. Бурама ток багытына дал келгендей бурап киргизилсе, анда анын айлануу багыты магнит талаасынын багытын көрсөтөт да, оң деп билинет.

БУРАМАЛООЧУЛАР (Rotatoria) — баштанкы көңдөйлүүлөр типчесиндеги курттар классы. Б-дын денесинин уз. 0,03—2,5 *мм*, сүйрү, кээде шар сыяктуу. Денеси баш, тулку бой ж-а бут болуп бөлүнөт. Башындагы эки кирпикчеден турган бурамалоочу аппараты аның кыймылын ж-а тамактануусун камсыз кылып турат. Б-дын жер шарында 2 миң, СССРде 700 түрү бар. Көлмө суулардын өзүнөн өзү таза-ланышында Б-дын чоң мааниси бар.

БУРАМАЛУУ КЫЙМЫЛ ӨТКӨРГҮЧ — айлануу кыймылын түз сызыктуу кыймылга айландыруучу механизм. Негизинен эки тетиктен — бурама ж-а гайкадан турат. Б. к. ө-төр негизги өзгочөлүктөрүнө, конструкциясынын жөнөкөйлүгүнө, катыш сандын чоңдугуна, көбүрөөк сүрүлүшүнө ж-а п. а. к-нин аздыгына жараша колдонулат. Аларда трапециялык, тик бурчтук ж-а такалма бурама сай жасалат. Конструкциясы б-ча жөнөкөй сүрүлүүчү, гидростатикалык ж-а шариктүү болуп бөлүнөт. Кийинки 2 түрдө сүрүлүү суюктуктук же тоголомо болгондуктан, п. а. к. 0,98—0,99га жетет. Шариктүү Б. к. ө. программа б-ча башкарылуучу станоктордо, самолёттордун шассисин көтөрүп-түшүрүүчү механизмде, *автомобилдин рулдук башкаруу системасында* ж-а ар кандай приборлордо пайдаланылат.

БУРАНА — о. кылымдагы шаар урандысы, Токмок ш-нын түш. жагында. Б-нын борб. бөлүгүндө ж-а айланасында өзүнчө чоң чептери болгон. Коргонуунун акыркы чеги эки катар болуп, аралыгы 400—800 *м* дубал м-н курчалган. Сыртқы дубалынын уз. 15 *км* ден ашык. Шаардын аймагында архит. эстелик—Бурана мунарасы бар. 1955—70-ж-да археол. казуулар коргонуу курулуштарынын, турак үйлөрдүн кантип ж-а качан курулганын билүүгө мүмкүнчүлүк берди. 1970-ж. казууда Бурана мунарасына жакын жерден эки эстелик табылган. Бул архит. курулуштардын бири 8 кыр чыгарылып курулган, экинчиси жумуру түрдө салынып, эшиги (кире бериши) абдан жасалгаланган. Бул имараттардын экөө тең кооздолуп, дубал беттеринде альбастрдагы ой-мо-чиймелер асемделип жасалган. Казууда табылган архит. курулуштар, алардын жасалгалары, буюмдар бул шаар 10-к. чейре же андан кийин пайда болгонун далилдейт. 13—14-к. анда эл жашабай, ээн калганын изилдөөлөрдүн натыйжасы көрсөттү. Архит. кооз эстеликтердин ансамбли, алтын тыйындары бар кенчтин табылышы, буюмдардын кооздугу, коргонуу курулуштары ж-а шаардын пайда болгон мезгили — м-н Баласагундун салынган убагы ж-дөгү жазма даректерде сакталган маалыматтын дал келиши аны Баласагун ш-ы деп болжолдоого мүмкүндүк берет Б. 1971—75-ж. калыбына келтирилди.



Бурана мунарасы. XI-к.

Ад.: Кожемяко П. Н., Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины, Фр., 1959.

БУРАНА КЕНИ — Кыргызстандагы лёсс сымал чопо катмары жаткан жер. Чүй р-нундагы Кегети кыштагынан 8,5 *км* түш.-чыг. тарапта, Бурана суусунун сол ойүзүндө. Кен 1960-ждан белгилүү. 1968—70-ж. Түн. Кыргыз геол. экспедициясы геол. изилдөө жумуштарын жүргүзгөн. Кен антропоген мезгилинин аяк чегинде пайда болгон боз ж-а күрөң боз түстөгү лёсс сымал чопо катмарынан турат. Катмарлардын төмөнкү бөлүгүндө бирин-серин галькалар м-н шагылдар, үстүнкү бөлүгүндө улуп кабыкчалары бар. Пайдалуу катмардын калыңд. 10—12 *м*. Ийилгичтиги 4,81. Бекемд. 4,6—8,7 *кг/см*^{2}. Чоподон «400—500» маркасындагы агломерити даярдоого болот. Геол. чалгындоо жумуштары жүргүзүлө элек. Болжолдонгон запаcы 7,5 млн. *м*^{3}. Кендин келечектеги мааниси чоң.

БУРБОНДОР — Франциядагы королдор династиясы. Францияны (1589—1792, 1814—15, 1815—30), Испанияны (1700—1808, 1814—68, 1874—1931), Сицилиянын эки королдугун (Неополитанда, 1735—1805, 1814—60), Парма ж-а Пьяченца герцогдуктарын (1748—1802, 1847—59) сүрөшкөн. Б-дун туңгуч өкүлү Генрих IVнүн бийлигинин тушунда Францияда *абсолютизм* күч

алып, Людовик XIVнүн убагында өзүнүн гүлдөгөн чегине жеткен.

БУРГАНАК — кар аралаш шамал. Мындай шамал кар кыртышын учуруу м-н болот. Б. кардын жаашы м-н кошо жүрсө, б о р о ш о деп аталат. Эгер кардын кыртышы өтө эле кургак ж-а тыгыздыгы начар болсо, жел аргыдан деле кардын майдаланып учушу байкалат. Б. автомобиль ж-а темир жолдорду, самолёт конуучу аянттарды карга толтуруп, жол катнашын начарлатат. Б. дөңсөөлөрдөгү карды учуруп, ойдуңдарга толтургандыктан, ал жерлердеги жер кыртышынын нымдуулугу ар кандай абалда (ойдуңдар — өтө нымдуу, дөңсөө жерлер — нымсыз) болуп, а. ч-сына зыянын тийгизет.

БУРГАС — Болгариянын Кара деңиз жээгиндеги ири порт шаары. Бургас округунун админ. борбору. Калкы 132 миң (1970). Б. аркылуу экспортко а. ч. продукциялары (тамеки, мөмө, жашылча консерваалары) чыгарылат. Тамак-аш, электр кабелин жасоочу, кеме ж-а вагон куруучу, токуу ө. ж. бар. Б.— өлкөнүн эң ири балык кармоо базасы.

БУРГИБА Хабиб (3. 8. 1903-ж. т.) — Тунистин саясий ж-а мамл. ишмери. Билими ж-а адистиги б-ча юрист. 1922-ж. «Дустур» партиясына өтүп, анын радикалчыл тарабынын лидери. Ал партиянын ыркы бузулгандан кийин (1934) «Жаңы Дустур» (1964-ж. октябрдан Соц. дустур партиясы) партиясынын ген. секретары, кийин пред-ли. Тунистин көз каранды эместиги үчүн күрөшкө катышкандыгы үчүн 1934- ж-а 1938-ж. франц. колонизаторлор камакка алган. 1952-ж. кайра камалып өлкөдөн куулуп чыккан. 1955-ж. июнда айдоодон келип, Тунис көз каранды эмес мамлекет болуп жарыяланганда өкмөткө башчы болгон. 1957-ж. 25-июлдан бери президент, 1969-жылдын ноябрына чейин өкмөттү кошо башкарып келди.

БУРГУ — материалдарды көзөөчү ж-а мурда көзөлгөн көзөнөктөрдү андан ары иштетүүчү аспап. Б. цилиндр же конус түрүндөгү өзөктөн, кесүүчү элементтен, төмөнкү жумушчу бөлүгүндө станоктун патронуна бекитилүүчү жасалгадан (жог. учунда) турат. Б. өз огунда айланып, огу б-ча жылып жумуш аткарат. Металлдарды көзөөчү Б. конструкциясы б-ча терең көзөөчү, учтуу, түз жылгалуу, борборлогуч ж-а спиралдык болуп бөлүнөт. Б. көзөөчү, токардык, көзөп кеңейтүүчү станоктордо, автоматтарда, мех. ж-а электрдик кол көзөөчтөрүндө колдонулат. Ок б-ча бургунун же тетиктин бир бирине жылышы же бир айлануусу $S = CD^{0,6}$ формуласы м-н аныкталат: D — бургунун диаметри, C — эксперименттик жол м-н табылуучу коэффициент. Мис., катуу болотто терең көзөнөк жасоо үчүн $C=0{,}038$, жумшак болотто $C = 0{,}085$. Б. негизинен көмүртектүү, тез кесүүчү болоттон даярдалат.

БУРГУЛАП ТЕШҮҮЧҮ МАШИНА — жантайма ж-а тике көмүр катмары аркылуу диаметри 390 *мм* ге чейинки скважинаны төмөнтөн жогору карай бургулап ж-а анын диаметрин 500—850 *мм* ге чейин жеткирип, жогортон төмөн карай кеңейтүү милдетин аткаруучу машина. Бул машина СССРде 1-жолу Кузбасстагы Кемерово (1936), анан Донбасстагы Горловка (1938) з-ддорунда чыгарылган. Б. т. м. айланып бургулоочу станоктон, бургулоо аспабынын кошумчаларынан, кергич таянычтардан, көмүр шилоочу ж-а чаң тозуучу түзүлүштөрдөн турат.

БУРГУЛОО — забойдо тоо тектерин ирети м-н талкалоо аркылуу цилиндр формасындагы скважина, шпур ж-а шахта өткөөлүн казуу процесси. Б. эл чарбасында: а) инженер-геол. ж-а мелиорация жумуштарында; б) кен байлыктарды чалгындоодо; в) тоо-кен ишинде шамалдатуу ж-а суу сордуруу максатында; г) шахта өткөөлүнүн татаал ж-а кыйын процесстерин механикалаштырууда; д) кен байлыктарын казып алуудагы жардыруу жумуштарында; е) нефть, газ алууда ж-а артезиан кудуктарынан суу чыгарууда кеңири таралган. Б-нун төмөнкүдөй түрлөрү бар: 1) туташ забойлуу Б.; 2) колонкалуу Б. 19-к-да тоо-кен о. ж-нын өнүгүшү ж-а калктын сууга болгон муктаждыгынын күчөшү Б. техникасын өркүндөттү. 19-к-дын 50-жылдары швейц. механик Г. А. Лешо алмаздык Б-ну практикага киргизген. 1844-ж. Ф. А. Семенов нефтини скважинанын жардамы м-н алууну сунуш кылды. 1848-ж. Баку ш-нын жанында дүйнөдө 1-жолу электр бургусу курулуп сыналды. Б. өнүгүшүнүн башкы маселелери: скважиналарды, шпурларды иштетүүнү ылдамдатуу ж-а арзандатуу, о. эле долборлоо, конструкциялоо ж-а ил. из. иштерин, Б. техникасын, технологиясын кайрадан иштеп чыгуу.

Ад.: Ханмурзин И. И., Бурение на верхнюю мантию, М., 1967; Техника горного дела и металлургии, М., 1968.

БУРГУЛОО МАШИНАЛАРЫ — бургулоонун тех. каражаттары. Буларга бургулоо каретасы, установкасы, бургу-шнектүү машина ж-а перфоратор кирет. Б. м. негизинен тех. үч тармакта: нефть ж-а газ өндүрүүдө терең (бир нече *км*) бургулоо, кен байлыктарды чалгындоодо ж-а тоо-кен м-н курулушта жарылуучу заттарды жайгаштыруу үчүн көзөнөктөрдү (скважиналарды), шпурларды бургулоо багытында өнүктү ж-а колдонулуп жатат. Б у р г у л о о ч у б а л к а, п е р ф о р а т о р — шпурларды ургулап бургулоочу пневматикалык машина. Поршендин кыймылы цилиндрдин алдыңкы-арткы көңдөйлөрүнө ыраатуулук м-н аба берип туруучу түзүлүш аркылуу жөнгө салынат. Бургулоочу көчмө перфоратор кол м-н басып иштетилүүчү (10—30 *кг*), бургулоо каретасына орнотулган колонкалуу (50—70 *кг*) ж-а тике жогору багытталган шпурларды бургулоочу телескоптук (30—40 *кг*) болуп бөлүнөт. Б у р г у л о о к а р е т а с ы — жер алдындагы тоо-кен казмаларында шпурларды ж-а скважиналарды бургулоону механикалаштыруучу установка. Б. к-да узун жылгычтуу, аркан-поршендүү, чынжырлуу ж-а бурамалуу кыймыл өткөргүчтөр колдонулуп, шпурду же скважинаны 2,5 *м* терең дикте бир эле бургу м-н бургулоого мүмкүндүк берет. Б у р г у л о о у с т а н о в к а с ы — скважинаны бургулоочу жабдуулардын комплекси. Бургулоо ыкмасына жараша Б. у. айланма, ургулама, термелтип-титиретүүчү, жалын агымдуу ж. б-га бөлүнөт. Б. у. бургулоочу станок, мунара, кыймыл бергич, көтөрүүнү ж-а түшүрүүнү механикалаштыруучу жабдуулардан турат. Нефть, газ ж-а геол. терең чалгындоо скважиналарын бургулоочу Б. у. стационардык, ал эми геол. чалгындоодо, курулуш жумуштарында артезиандык скважиналарды бургулоочу Б. у. көчмө, жардыруучу скважиналарды бургулоочулары гусеницалуу же дөңгөлөктүү, автомашинага, тракторго орнотулгандары өзү жүрмө болуп айырмаланат. Тоо-кен иштеринде Б. у. бургулоо



СБУ-2М бургулоо установкасы.

станогу деп да аталып, кыймыл бергичинин тиби (электрдик, дизелдик, гидравликалык) ж-а кубаттуулугу (жеңил, орточо ж-а оор) б-ча ажыратылат. СССРде чыгарылып жаткан кубаттуу Б. у. м-н терең (8 *км* ге чейин) скважиналарды бургулоого болот. Б у р г у - ш н е к т ү ү м а ш и н а — чоң диаметрлүү (0,5—2,5 *м*) скважиналарды бургулоо м-н жука катмардуу казмаларды (көмүр, туз ж. б.) казуучу машина. Машинанын жумуш иштөөчү органы — бургулоо коронкасы шнекке бекитилген. Шнек



СБКНС-2 өзү жүрүүчү бургулоочу каретка.

болсо майдаланган пайдалуу казманы 40—70 *м* тереңдиктен алып чыгат. Транспортко жүктөөнү бургу-шнектүү машина өзү аткарат. Б. м. иштөө процессин механикалаштырып, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат.

Ад.: Соловьянов Л. Н., Макашов Л. Н., Кучер Я. А., Буровые машины для металлических рудников, М., 1964; Техника бурения при разработке месторождений полезных ископаемых, М., 1966; Куличихин Н. И., Воздвиженский Б. И., Разведочное бурение, М., 1966.

БУРГУЛОО-ЖАРДЫРУУ ЖУМУШТАРЫ — шахтада, карьерде ж-а тоо иштеринде бургулапып алынуучу казмаларга жарылуучу заттарды салып, аларды жардырып, чулу тектерди талкалоо жумуштары. Дүрмөттөрдү жайлаштыруу, алардын формасы ж-а чоңдугу б-ча Б.-ж. ж. шпурдук, казанбак дүрмөт, кичине камералык жардыруулар, колонкалуу (узун) ж-а камералык ачык дүрмөттүк иштетүү деп бөлүнөт. Жардырылуучу чөйрөдө шпур бургуланат. Ага патрондолгон жарылуучу заттар жайгаштырылат да, бош калган бөлүгү ылай же кум м-н толтурулат. Дүрмөттөр от же электр тогу м-н жардырылат. Жер үстүндө ж-а жер астында шпурдун түп жагындагы дүрмөттөрдү бир же бир нече жолу жардыруудан казанбак деп аталуучу камера пайда болот да, зарыл учурда дүрмөттөлүп, жардыруу мурдагы тартип б-ча жүргүзүлөт. Жер үстүндө массалык уратуулар, жардыруулар ж-а жер астында чоң боштуктарды жоюу иштери көп өлчөмдөгү жарылуучу заттарды пайдалануу м-н жүргүзүлөт.

БУРГУЛОО МУНАРАСЫ — бургулоо аспабын, забой кыймылдаткычтарын, каптоо түтүкторүн түшүрүү ж-а көтөрүү үчүн скважинанын үстүнө тургузулган курулуш. Б. м. полиспаст, түшүрүү ж-а көтөрүү операцияларын механикалаштыруу каражаттары, түтүкторду жайланыштыруучу кассеталар м-н жабдылат. Анын бийиктиги скважинанын долбоордогу тереңдигине жараша тургузулат. Алар жыгач устундардан (тайыз скважиналарда), түтүктордөн же прокаттардан 3—4 капталдуу, кесилген пирамида түрүндө жасалат.

БУРГУНДДАР — чыгыш герман уруусу. Б. з. 1-к-ында (адегенде Борнхольм а-да жашашкан деп болжошот) континентке өтүшкөн. 406-ж. Рейнде борбору Вормс королдугун негиздешкен. 443-ж. Рим федератынын укугу берилип, Савой терр-ясына көчүрүлгөн. Империянын начарлаанышынан пайдаланышып, Б. 457-ж. Рона д-нын бассейнин ээлешет да, борбору Дион болгон жаңы королдукту түзүшөт. Бул ыдырай баштаган Бат. Рим империясындагы алгачкы «варвардык» королдуктардын бири болду. Алардын галл-римдиктердин жерлерин ээлөөсү ж-а бөлүштүрүүсү феодалдаштыруу процесси үчүн чоң мааниге ээ болгон. Б. 6-к-дын башында католик динин кабыл алды. 534-ж. Б. королдугу Франк мамлекетине биротоло кошулду. Кийин Түш. Франциянын калкынын составына кирди.

БУРДЕНКО Николай Нилович [22. 5(3. 6). 1876, азыркы Пенза обл.,— 11. 11. 1946, Москва] — сов. хирург, нейрохирургияга негиз салуучулардын бири, СССР ИАнын акад. (1939), СССР мед. ИАнын акад. ж-а биринчи президенти (1944—46), аскердик мед. кызматынын ген. полковниги, Соц. Эмг. Баатыры (1943). 1939-жылдан КПССтин мүчөсү. 1906-ж. Юрьев (азыр Тарту) ун-тин бүтүргөн, 1910-жылдан ошол эле ун-тте проф. Воронеж ун-тинин (1918) ж-а Москва ун-тинин мед. ф-тетинин (1923) проф. 1929-жылдан нейрохирургия клиникасына директор. 1934-ж. ал клиниканын базасында Борб. нейрохирургия (азыр Б. атн.) ин-ту уюштурулат. 1937-жылдан Сов. Армиянын башкы хирург-консультанты. Б. борб. ж-а четки нерв системасынын хирургиясын клиникалык практикага биринчи киргизген; шоктун пайда болуу себебин ж-а дарылоо жолдорун изилдеген; жүлүнгө операция кылууну сунуш кылган. Борб. ж-а вегетативдик нерв системасынын онкологиясы, мээнин кан айлануусу ж. б. б-ча да баалуу идеялар киргизген. Ал нейрохирургдардын ботончо мектебин түзгон ж-а сов. саламаттык сактоо ишин уюштурууга активдүү катышкан. Б. СССР Жог. Советине депутат (1—2-шайл.), СССРдин Мамл. сыйл. лауреаты (1941). Үч Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Нейрохирургия ж-а аскер-талаа хирургиясы б-ча мыкты иштерге ыйгарылуучу Н. Н. Бурденко атн. сыйлык кабыл алынган.

Ад.: Багдасарьян С. М., Николай Нилович Бурденко, М., 1954.

БУРЕЯ — РСФСРдин Хабаров крайы м-н Амур обл-дагы дарыя, Амурдун сол куймасы. Уз. 623 *км*, алабынын аянты 70 700 *км²*. Бурея кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Негизинен жамгыр сууларынан куралат. Ноябрда тоңуп, апрелдин аягында ачылат. Куймалары: Ниман, Тырма ж. б. Кеме жүрөт (Нимандын чатына чейин). Башкы



Н. Н. Бурденко.

пристандары: Малиновка, Чекунда. Алабынан темир, көмүр кендери казылып алынат.

БУРЕЯ КЫРКА ТООСУ РСФСРдин Хабаров крайында. Бурея д-нын башынан Тырма д-нын башына чейин меридиан багытында созулуп жатат. Уз. 400 *км*. Бийикт. 2071 *м* ге чейин. Гранит, гнейс, сланец, о. эле чөкмө ж-а эффузив тоо тектеринен түзүлгөн. Капталдарынын төмөнкү бөлүктөрүн ийне ж-а жазы жалбырактуу токойлор, жогору жактарын тоо тундра бадалдары каптап жатат. Түштүгүндө тоонун этектери м-н капталдарында эмен токою өсөт.

БУРЖУА (фр. bourgeois) — о. кылымда Бат. Европа өлкөлөрүндөгү шаардыктар, бюргер; капит. коомдогу буржуазия табынын өкүлү, о. эле (кобүнчө) «шаар обывателп», «мещанин» (майда буржуазия өкүлү).

БУРЖУАЗИЯ (фр. bourgeoisie, лат. burgus — чеп шаар) — өндүрүш куралдарын менчиктеп, жумушчулардын жалданма эмгегинин эсебинен күн көргөн, капит. коомдогу үстөмдүк кылуучу тап. Б-нын киреше булагы — кошумча нарк. Б. ири, орто ж-а майда болуп бөлүнөт. Саны б-ча орто ж-а майда Б. көптүк кылат. Бирок капит. коомдо ири Б. чечүүчү роль ойнойт. Б. капиталын өндүрүштүн кайсы тармагына жумшаса, ошого жараша өнөр жай, соода, банк ж-а айыл чарба Б-сы деп аталат. Булар кошумча наркты бөлүштүрүү үчүн өз ара күрөш жүргүзөт. Ал эми эмгекчилерге каршы күрөштө алар ээзүүчү тап катары биригишет. Кол өнөрчүлүктүн, товар өндүрүшүнүн ж-а сооданын өнүгүшүнүн натыйжасында шаар калкы тап катмарларына жиктелет да, алардын ичинен буржуазиячыл элементтер пайда боло баштайт. 15-к-дын аягында шаар калкынын жог. катмары — купец, банкир ж-а ө. ж. ишканасынын ээлери Б. деп аталып калат. 17—18-к-да буржуазиянын кызыкчылыгы м-н феод. өндүрүштүк мамилелердин карама-каршылыктары курчуп, эки таптын ортосундагы күрөш күчөйт. Натыйжада, 16-к-да Нидерланддарда, 17-к-да Англияда, 18-к-дын аягында Францияда бурж. рев-я жеңип, Б-нын бийлиги орнойт. Бул капитализмдин өнүгүшүнө жол ачып, феодализмге каршы күрөшүүдө прогрессчил роль ойнойт. Бирок буржуа-

вия о. ж-дын жетишкендиктерин бүт өзөлөп, аларды эмгекчилерди ырайымсыз эзүүгө жумшайт. Капитализмдин өнүгүү процессинде Б. м-н катар пролетариат пайда болот. Жакырчылыктан, эзүүдөн анын аң-сезими өсүп ж-а наразычылыгы өөрчүйт. Б-га каршы күрөштө пролетариат тап катары жетилип, өзүнүн авангарды—рев-чыл жумушчу партиясын түзөт. Империализмдин тушунда Б. м-н пролетариаттын карама-каршылыгы ого бетер курчуйт. Мындай шартта пролетариат чечүүчү рев-чыл күрөшкө чыгып, империализмдин чынжырын үзөт. 20-к-дын башында империализмдин алсыз жери Россия болгон. Ошондуктан бул өлкөдө 1917-ж. Улуу Окт. соц. рев-ясы жеңип чыкты. Капитализм өнүгүп олтуруп, империализмге өткөндө, Б-нын тарыхый ролу өзгөрөт, ал коомдук прогресске жолтоо болот. Бул учурда капиталдын бөтөнчө түрү — *финансы капиталы* өкүм сүрөт. Эл аралык жумушчу кыймылы, колониализмге каршы улуттук-бошт., тынчтык, демократия ж-а социализм үчүн күрөш өөрчүйт, к. *Капиталисттик монополия.*

Лб.: **Маркс К. жана Энгельс Ф.,** Коммунисттик партиянын манифести, Фр., 1967; Маркс К., Капитал, т. 1—3, М., 1955; ошонуку, Буржуазия жана контрреволюция, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 1-т.; Ленин В. И., Россияда капитализмдин өнүгүшү, Чыг., кырг. 1-бас., 3-т.; ошонуку, Империализм — капитализмдин жогорку стадиясы, ошондо эле, 22-т.; Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын программасы, Фр., 1962.

БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ — феод. түзүлүштү жоюп, буржуазиянын саясий бийлигин орнотууга багытталган социалдык рев-я. Ал жаңы өндүрүш күчтөрү м-н эски (феодалдык) өндүрүш мамилелердин ортосундагы карама-каршылыктан чыгат да, реакциячыл күчкө айланган феодалдардын бийлигин буржуазиянын басып алышына алып келет. Биринчи Б. р. 16-к-да болгон. Андан кийин Англияда (1642—49), Францияда (1789—94), Европанын бир катар өлкөлөрүндө (1846—49) Б. р. болуп өткөн. Азыр да айрым артта калган өлкөлөрдө феодализмдин калдыктарына каршы күрөш жүрүп жатат. Марксизм-ленинизм классиктери Б. р-га баа берүүдө ж-а анын формасын аныктоодо ар бир өлкөдөгү тарыхый шартты, таптык күчтөрдүн өз ара катнашын, койгон максатын ж-а күрөшүү жолдорун эске алат. Ушуга байланыштуу Б. р-нын мүнөзү, кыймылдаткыч күчтөрү, жетекчи табы аныкталат. 16—19-к-да буржуазия негизинен рев-ячыл ж-а прогрессчил тап болуп, Б. р-нын кыймылдаткыч күчү ж-а жетекчиси катары аренага чыккан. Таптык өз ара катнаштын өзгөрүшүнө байланыштуу 19-к-дын ортосунан тартып буржуазия реакциячыл тапка айланып, тарыхый аренага капитализмдин көр казуучусу — пролетариат чыкты. Саясий ж-а идеялык жактан өсүп такшалган пролетариат өзүнчө партия түзүп, революциянын жетекчи күчүнө айланып, айрым өлкөлөрдө капитализмден социализмге өтүүнү камсыз кылды.

Лб.: Маркс К., Франциядагы тап күрөшү, Маркс К., Энгельс Ф., Танд. чыг., 1-т.; Маркс К., Буржуазия жана контрреволюция, ошондо эле; ошонуку, Луи Бонапарттын он сегизинчи брюмери, ошондо эле; Энгельс Ф., Анти-Дюринг, Фр., 1964; Энгельс Ф., Революция и контрреволюция в Германии, Маркс К., Энгельс Ф., Соч., 2 изд., т. 8; Ленин В. И., Социал-демократиянын демократиялык революциясындагы эки тактикасы, Чыг., кырг. 1-бас., 9-т.; ошонуку, Мамлекет жана революция, ошондо эле, 25-т.; ошонуку, Пролетардык революция жана ренегат Каутский, ошондо эле, 28-т.

БУРЖУАЗИЯЛЫК - ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ — бурж. рев-янын өзгөчө түрү. Марксизм-ленинизм бурж. рев-ялардын ичинен бурж.-демокр. рев-яларга өзүнчө баа берген. Бул рев-яда элдин калың катмары, жумушчулар м-н дыйкандар өз алдынча экон. ж-а саясий талаптар м-н чыгышат. Империализм доорунда бурж.-демокр. рев-яга пролетариат жетекчилик кылат. Ал дыйкандар м-н бекем союз түзүп, рев-яга кесемдүк кылуудан буржуазияны четтете баштайт. Мурдагы бурж.-демокр. рев-яларда мамл. бийликти буржуазия эөлеп кетсе, жумушчу табы башчылык кылган бурж.-демокр. рев-яда пролетариат м-н дыйкандардын демокр. диктатурасы орнотулуп, ыңгайлуу шарттарда пролетариаттын диктатурасына өсүп чыгуу мүмкүндүгү ачылат. К. Маркс м-н Ф. Энгельс Европадагы 1848—49-ж. рев-ялардын тажрыйбасын жалпылап, перманенттик рев-я идеясын иштеп чыгышкан. Алар бардык эзүүчү таптарды жексен кылып, өз диктатурасын орноткончо, пролетариат үзгүксүз рев-ячыл күрөш жүргүзө тургандыгын көрсөтүшкөн. Бул жобону В. И. Ленин империализмдин доорунда андан ары өнүктүрүп, «Социал-демократиянын демократиялык революциядагы эки тактикасы» (1905) деген эмгегинде бурж.-демокр. рев-янын соц. рев-яга өсүп чыгуу жолдорун ил. жактан негиздеген. 1917-ж. Россиядагы Февр. рев-ясынын соц. рев-яга өсүп чыгышы В. И. Ленин чыгарган тыянактын туура экенин ырастады. 1947—48-ж. Чыг. Европа өлкөлөрүндө жүргөн рев-ялар да бурж.-демокр. рев-ядан соц. рев-яга өсүп чыкты. Азия, Африка өлкөлөрүндөгү улуттук-бошт. күрөштүн натыйжасында көз карандысыз өместикке жетишүү да бурж.-демокр. рев-яга жатат, анткени анын натыйжасында империализмдин колон. системасы кыйроого учурады.

Лб.: Ленин В. И., Социал-демократиянын демократиялык революциядагы эки тактикасы, Чыг., кырг. 1-бас., 9-т.; ошонуку, Империализм—капитализмдин жогорку стадиясы, Чыг., 22-т.; КПССтин Программасы, Фр., 1972.

БУРКАЦКАЯ Галина Евгеньевна [4(17). 12. 1916-ж. т.] — УССРдин колхоз кыймылынын пиимери, УССР Черкас обл-нын Черкас р-нундагы «Радяньска Украина» к-вуна пред-ль (1949—67). Эки жолу Соц. Эмг. Баатыры (1951, 1958), 1946-жылдан КПССтин мүчөсү. Харьковдогу Артем атн. коммунисттик ун-тин (1938), Украина а. ч. академиясын (1956) бүтүргөн. Экон. илимд. кандидаты (1967), 1968-жылдан Киевдеги а. ч. академиясында ст. окутуучу. СССР Жог. Советине (3—6-шайл.) депутат. Б. 2 Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БУРКСЕР Гавриил Владимирович (1903-ж. т., УССР, Александрия ш.) — сов. илимпоз, зоогигиенист, Өзбек ССРинин эмг. сиң. вет. врачы (1948), вет. илимд. доктору (1953), проф. (1959). Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1974). 1927-ж. Харьковдогу вет. ин-тун бүтүргөн. 1951-жылга чейин Өзб-нда ветврач, Жер иштер эл комиссариатында вет. башкармасынын начальниги, Ветеринария ил. на. ин-тунун директору, 1951-ж. К. И. Скрябин атн. Кыргызстан а. ч. ин-тунда зоогигиена ж-а мал чарба кафедрасына башчы. 200дөн ашык ил. эмгеги басылып чыккан. Илимдин 16 доктору м-н кандидатын даярдаган. Анын жетекчилиги м-н малды тоютандыруунун синтет. элементтерди колдонуу, суунун тазалыгын сактоо ж. б. б-ча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн патыйжалары өндүрүштө пайдаланылууда. Б. Эмгек Кызыл Туу, 2-дараж. Ата Мекендик Согуш ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Чыг.: Токсический гепатит с асцитом сельскохозяйственных животных, «Доклады ВАСХНИЛ», 1948, в. 12; Санитарно-гигиеническая оценка воды в открытых водоемах в Средней Азии, «Тр. Киргиз. сельхоз. ин-та», 1958, в. 10; О зоогигиенических нормативах для коровников и свинарников Киргизии. Материалы VII Всесоюзной конференции по зоогигиене, М., 1968.

БУРЛАКТАР — кемелерди аркан м-н дарыяны жээктей сүйрөп же аларды сууда калак м-н жылдырып жүрүүчү жалданма жумушчулар. Б. 16—17-к-да суу транспортунун начарлыгынан чыккан. Б. Ак деңизде, Волга ж-а Днепрде болгон. Алардын көпчүлүгү оокат табыш үчүн уюшуп иштешкен дыйкандар эле. Жумуштуун оордугуна карабастан, Б-дын тапкан акчалары көп убакта кайра үйүнө кетүүгө мүмкүү эмес, кээде карыздар болуп кайтышчу. 20-к-дын башында Б. такыр жоюлду.

БУРМА-СУУ — Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нундагы Челпек сельсоветине караштуу кыштак. Ысык-Көл тажрыйба селекция станциясынын аймагында. Р-ндун борбору Покровкадан 37 *км* түп.-чыг. тарапта, Рыбачье т. ж. станциясынан 215 *км.* Калкы 1492 (1974). Орто мектеп, китепкана, клуб бар.

БУРМА-ЧАП КӨРҮСТӨНҮ, к. *Арпа көрүстөнү.*

БУРСА, Бруса — Түркиянын түп.-батышындагы Бурса вилайетинин админ. борбору. Калкы 212,5 миң (1965), Улудаг тоосунун этегинде, шоссе жолдор тоому. Жибек, жүн, жыгач иштетүү, жашылча-жемиш консерва-

лоо, курулуш материалдарын чыгаруу о. ж-лары өнүккөн. Шаарды б. а. ч. 2-к-да Вифиния падышасы Прусиас II Пруса деген ат м-н негиздеген. 1326-ж. Осмон мамлекетинин борбору болгон, Б-да Орхан (1304—1417) Улуу Жами (1396—1400), Мурад II (1424—27) ж. б-дын мечиттери бар.

БУРСИТ — адам м-н жаныбарлардын муун кабынын былжыр челинин сезгеништи. Илац көбүнчө жылкы м-н уйда кездешет. Ал узак убакыт катуу перне дүүлүктүргөндөн (катуу жерге жатканда, ат жабдыгы өйкөгөндөн) ж-а жугуштуу илацдын кесепетинен пайда болот. Б. тез ж-а созулкма түрдө өтөт. Тез өткөндө, муун бүлкүлдөп шишийт, аксатат. Б-тин улаарма түрүндө шишик азыраак болуп, ооруганы көп сезилбейт. Б. своктон кетсе, малдын ооруган жеринин териси калыңдап, чор басып, жүнү түшөт. Мындай учурда дарттуу жердин ооруганы билинбейт. Муундун ичтеши бузулуп, кээде ириңден флегмонага айланат. Диагнозу клиникалык белгилердин же бактериол. текшерүүнүн негизинде аныкталат. Б. башталган эле күнү мүздак компресс коюп орон, катуу тануу керек. Андан кийин парафин м-н компресс коюлуп, дары май сыйпалат. Улаарма Б-те иодонофорез колдонулат.

«БУРУЛЧАНЫН СЕЛКИНЧЕК» — темир ж-а жыгач ооз комузда аткарылчу күүлөрдүн («Толгонайдын селкинчек», «Айчүрөктүн селкинчек» ж. б.) бири. Элде темир комузчу Бурулча Осмонбек кызынын (1836—1918) элдик «Селкинчек» оюнуна чыгарган күүсү деген сөз бар.

БУРУНДИ, Бурунди Республикасы — Борб. Африкадагы мамлекет. Батышынан Заир Республикасы, түндүгүнөн Руанда, түш.-чыгышынан Танзания м-н чектешет; түш.- батышынан Танганьика көлү курчап жатат. Аянты 27,8 миң *км*². Калкы 3,6 млн. (1970). Борбору — Бужумбура. Админ. жагынан Б. 8 провинцияга бөлүнөт.



Мамлекеттик түзүлүшү. Б.— республика. Конституциясы жок. (1966-ж. жоюлган). Мамл. башчысы — президент. 1972-ж. 15-июлда премьер-министрдин кызматы киргизилип, аткаруучу бийлик ага берилди. Президент министрлерди, жог. кызмат адамдарын дайындайт ж-а алып таштайт, закон чыгаруучу (декрет-закондорду чыгарат) жүзөгө ашырат. Провинцияны президент дайындаган губернатор, округду комиссарлар башкарат. Мамл. желегин ж-а Мамл. гербин к. *Мамлекеттик желек, Мамлекеттик герб* макалаларынын таблицасынан.

Табияты. Аймагынын көпчүлүк бөлүгүн бөксө тоо (орт. бийикт. 1500—2000 *м*)ээлейт. Бат. бөлүгү бийиктен отурат (2000—2600 *м* ге жетет). Климаты субэкватордук, ойдундарында ысык. Айлык орт. темп-расы 23—25°С, 1500 *м* ден өйдө 15—20°С. Жылдык жаан-чачыны 800—1000 *мм*, Конго, Нил д-ларын бөлгөн кырка тоодо 1400—1600 *мм*. Тоолорунун кыртышы кызыл-тоо, кара чирик, ойдунунку — тропиктик-кара топурак. Саванна өсүмдүктөрү басымдуу. Айбаттарды (өтө жакырланган): пил, буйвол, антилопа, гиппопотамдар ж-а ар кыл маймылдар, куштар, сойлоочулар көп.





1. Тарыхый эстеликтердин бири — короолдун бетон үйү. 2. Бужумбура ш. Борбордук базар.

Калкы. Б-нин негизги калкы — барунди (3,4 млн. 1970). Батутси, пигмей — батва ж. б. элдер жашайт. Мамл. тили — кирунди ж-а француз тилдери. Калкынын 45%тен ашыгы христиан, 7 миңчеси мусулман. 1 *км*² жерге 126 киши́ден туура келет. Чоң шаарлары — Бужумбура, Гитега, Бururи ж. б.

Тарыхый очерки. Б-нин байыркы ж-а о. кылымдагы тарыхы аз изилденген. Античный жазма даректерде Б-нин жери, эли пигмей экендиги айтылат. Банту эли Б-ге кийин көчүп келген. 15-к-да Б-нин территориясына батутси деген малчы уруулар басып киришет. 18-к-да Б. короолдугу түзүлөт. 19-к-дын 1-жарымында Б. короолдугу өркүндөсөт, 2-жарымында анда өз ара согуштар болуп турган. Европ. колонизаторлор бул согуштардан пайдаланмакчы болушуп, 1899-ж. Усумбура (Бужумбура) ш-да герм. аскерлик бекет түзүшөт; 1903-ж. король Мвези II Б-нин терр-ясына болгон герм. губернаторлун бийлигин таанылат. 1-дүйн. согушта Германия жеңилгенден кийин, Б. Бельгиянын мандаты (1946-жылдан бери опекасы) астындагы Руанда-Урундинин терр-ясына кошулду. 2-дүйн. согуштан кийин, өзгөчө 50-жылдардын алгынан Б-де улуттук-бошт. кыймыл күч алат; саясий партиялар түзүлөт (алардын ичинде Б. биримдигинин ж-а улуттук прогрессинин башкаруу партиясы да бар). 1962-ж. 27-июнда ООНдун атайын сессиясында Руанда-Урундидеги бельгиялык опекалы жоюу ж-де чечим кабыл алынып, Руанда Республикасы ж-а Б. короолдугу түзүлөт. Б.—26-июлдан бери ООНго мүчө. 1966-ж. 28-ноябрда Б. респ-ка болуп жарыяланган. Анын биринчи президенти ж-а өкмөт башчысы—полк. (1973-жылдан ген.-лейтенант) М. Мичомберо. Б-нин өкмөтү бейтараптык болуу ж-а блокторго кошулбоо принцибин өлкөнүн тышкы саясатынын негизи деп жарыялаган. Б. м-н Сов. Союзунун ортосундагы дипл. мамиле 1962-ж. түзүлгөн.

Экономикасы. Б.— экономикасы начар өнүккөн агрардык өлкө. Улуттук кирешенин басымдуу көпчүлүгүн а. ч., 5%ке жакынын о. ж. берет. Ө. ж. жаңы өнүгө баштады, аны чет элдик капитал (өзгөчө Бельгия) тейлейт. Өлкөдө көз караңды эместик жарыяланган кийин 1-кезекте а. ч-ны өстүрүү, о. эле о. ж. продуктуларын кайра иштетүү, трансп. курулуш, геол. чалгындоо маселеси коюлган. Негизги а. ч. өсүмдүктөрү: маниока, батат, жүгөрү, пахта, картошка, сорго, тамеки, банан, кофе, чай; Рузизи ойдуңунда шалы өстүрүлөт. 1969—70-ж. 670 миң уй, 235 миң кой, 470 миң эчки болгон. Танганьика көлүндө балык кармалат. Аз өлчөмдө калай, тантал-ниобий, алтын ж. б. рудалар казып алынат. Пайдаланылган электр кубатынын көбү Б. Заир Республикасынан алат. А. ч. сырьёсун иштетүүчү майда (кофе, пахта тазалоочу, май чыгаруучу, самын, пиво кайнатуучу, ун тартуучу, тери ийлөөчү ж. б.) ишканалар, тактай тилгич, цемент, кыш э-ддору, текстиль, тор токуу, бут кийим ф-калары иштейт. Т. ж. жок. Шоссе ж-а кара жолдордун жалпы уз. 7 миң *км*. Танганьикада кеме жүрөт. Бужумбура ш-да эл аралык маниидеги аэропорт бар. Экспортко кофе, пахта, тери сырьёсу, калай ж. б. металл концентраты чыгарылып, текстиль буюмдары, азык-түлүк, трансп. каражаттары, нефть продуктулары өлкөгө ташып келинет. Негизги соода шериктери: Бельгия, АКШ, ГФР, Япония. Акча бирдиги — Б. франкы.

Саламаттык сактоо. 1965-ж. толук эмес маалымат б-ча ар миң кишиге төрөлгөндөр 46,1ди, өлгөндөр 25,6ны, балдардын өлүмү ар миң тирүү төрөлгөн балага 150нү түзөгөн. Өмүрдүн орт. узактыгы эркектерде 35, аялдарда 38,5 жаш. 1969-ж. 120 мед. мекемеде 64 врач иштеген. Врачтын жардамчылары, мед. орто билимдүү кызматкерлер, акушерлер өздөрүндө, прачтар Франция, Бельгия, СССР, ГФР, Швейцария ж-а Румыниянын окуу жайларында даярдалат.

Эл агартуу. Илим ж-а илимий мекемелери. Эл агартуу системасына 3—5 жаштагылар үчүн балдар бакчалары, 6 жылдык баштоочу, 6 жылдык орто мектептер кирет. 1969—70-

окуу жылында баштооч мектептерде 185 миң, орто мектептерде 6,7 миң окуучу, профтех. окуу жайларында 2 миң окуучу окуган. 1969—70-окуу жылында 4 жылдык пед. окуу жайында 1427 окуучу, орто пед. мектептерде (7 жылдык) 955 окуучу окуган. Орто мектептерге мугалимдерди Бужумбурадагы жог. пед мектеп даярдайт. 1964-ж. Бужумбурада ун-т ачылган. Анда табият, филос. ж-а филол., экон., коомдук илимд. ф-теттери бар. 1969—70-окуу жылында ун-тте 320 студент окуган.

Басма сөз, радио уктуруу. Б-де 1967-жылдан өкмөттүк газета «Мажамбере» кирунди тилинде, «Юнитэ э революсьон» француз тилинде чыгарылат. Радио уктуруу 1961-жылдан башталды. Бужумбурадагы өкмөттүк радио станция «Революция үпү» кирунди, француз ж-а суахили тилдеринде берип турат.

Элдик искусство. Көркөм өнөр кесибинен Б-де самандан согулган бойро сыяктуу сокмо нерселерди, ар түрдүү формадагы корзиналарды ж-а үй буюмдарын ак, кара, кызыл түскө келтирип, көркөмдөп токуу өнөрү өөрчүгөн. Оймо-чийме жыгач буюмдарга да жасалат.

Ад.: Карпушина В., Бурунди, М., 1965.

БУРХАНОВ Шүкүр (15.9.1910-ж. т.)— өзбек совет актеру, СССР эл артисти (1959). 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Б-дун сахналык ишмердиги 1928-ж. башталган. Аткарган ролдору: Гулям (Яшен, «Сыймык жана сүйүү»), Гафур (Хамза, «Бай жана батрак»), Брут (Шекспир, «Юлий Цезарь»), Войницкий (Чехов, «Ваня таяке»), Эдип (Софокл, «Падыша Эдип») ж. б. Погодиндин «Кремль куранттары» спектаклинде В. И. Лениндин образын түзгөн. Кинодо аткарган ролдору: Карабатыр («Тахир-Зухра»), колхоздун башкармасы («Короолу чымчык»), Улугбек («Улугбектин жылдыздары») ж. б. Ал Өзбек ССР Хамза атн. Мамл. сыйл. лауреаты (1964). 5 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.



Ш. Бурханов Бруттун ролунда (У. Шекспир, «Юлий Цезарь»).

БУРХАРДТ РЕНЕТИ — алманын эрте күздө бышчу сорту. Крымдык багбан Н. Гартвис чыгарып, немец окумуштуусу Бурхардттын ысмына коюлган. Ал Кырг-ида, Каз-нда көп өстүрүлөт. Кышка чыдамдуу, 4—5 жылдан кийин мөмө байлайт. Мөмөсү даамдуу, ширелүү, кыйгыл, жыты буруксуп турат, орт. салм. 100—120 *г*, Б. р. августтун аягында бышып, 3 айча сактоого жарайт. Андан как, варенье ж. б. жасалат.

БУРЧ — берилген чекит аркылуу өткөн эки шоола м-н чектелген тегиздиктин бөлүгү. Б-ту түзгөн шоолалар — Б-тун **ж а к т а р ы**, ал эми шоолалар чыккан чекит Б-тун **ч о к у с у** деп аталат. Б-тун жактары бир түз сызыкты түзсө, анда жайылган Б. дейбиз.

БУРЧТУК ЖЫШТЫК, **а й л а н у у ж ы ш т ы г ы** — мезгилдүү термелүү процессинде 2π убакыт бирдигиндеги толук термелүүлөрдүн саны. Б. ж. (ω) термелүү жыштыгы ν ж-а термелүү мезгили *(T)* м-н төмөнкүдөй байланышта: $\omega = 2\pi\nu = 2\pi/T$. Ал көбүнчө электр техникада, радиотехникада колдонулат.

БУРЧТУК ӨЛЧӨӨЛӨР — машина тетиктеринин, курулуштардын ж. б-дын бурч өлчөмүн ченөө. Бурчтар тикеден-тике же кыйыр метод аркылуу жаа чени м-н өлчөнөт. Байланышы бар бурчтарды ченөө аркылуу изилденүүчү бурчту эсептеп чыгууда кыйыр метод колдонулат. Мис., үч бурчтуктун эки бурчун ченөө аркылуу үчүнчүсүн аныктоо. Машина тетиктеринин бурчтары бурч ченегич (угломер) м-н ченелет (тикеден-тике ченөө). Геодезияда, астрономияда бурчтар атайын аспаптардын (теодолит, универсал аспап, меридиан тегереги ж. б.) жардамы м-н ченелет.

БУРЧТУК ЫЛДАМДАНУУ — катуу нерсенин бурч ылдамдыгынын өзгөрүү тездигин мүнөздөөчү вектордук чоңдук. Б. ы-нун сан мааниси убакыттын бирдигиндеги *бурчтук ылдамдыктын* өзгөрүшү аркылуу аныкталат, б. а. $\varepsilon = \frac{dw}{dt}$. Анын бирдиктери — *рад/сек²*. Б. ы-нун багыты бурчтук ылдамдыктын багытына дал келет, ал эми акырындатылган айлануу кыймылында ага карама-каршы багытталат.

БУРЧТУК ЫЛДАМДЫК — катуу нерсенин айлануу кыймылынын тездигин мүнөздөөчү вектордук чоңдук. Б. ы-тын сан мааниси бурулуу бурчунун (φ) бурулуу болуп өткөн убакытка (*t*) болгон катышы м-н аныкталат: $w = \frac{\varphi}{t}$. Б. ы-тын чен бирдиги: *рад/сек*, ал эми техникада бир минутадагы айлануу саны *(айл/мин)* м-н ченелет.

БУРЧТУН ЖАРЫШТЫГЫ, к. *Лобачевский геометриясы.*

БУРЧТУН ТРИСЕКЦИЯСЫ — бурчту барабар 3 бөлүккө бөлүү маселеси; Байыркы Грецияда түзүүгө берилген классикалык 3 негизги маселенин бири. Ж. Чыгыш өлкөлөрүнүн математиктери Б. т. маселесин *кубдук теңдемени* чыгарууга келтиришкен. Тамырларынын бири *рационалдуу сан* болгондо гана кубдук теңдеме квадраттык радикалдарда чыгарылышы мүмкүн экендиги кийинчерээк далилденген. Кандайдыр бир кесинди берилген кесинди аркылуу квадраттык радикалдарда туюнтулган учурда гана ал кесиндинин циркулдун ж-а сызгычтын жардамы м-н берилген кесинди б-ча түзүүгө болот. Ар кандай бурч үчүн жогорудагы теңдеменин рационалдык тамыры болбой калышы мүмкүн. Ошентип, Б. т. маселеси циркуль, сызгычтын жардамы м-н чыгарылбастыгы 19-к-да далилденген. Бирок бул маселени циркуль, 2 жеринде белгиси бар сызгыч ж-а Никомеддин конхоидасы деп аталган атайын ийри сызыктын жардамы м-н чыгарууга болот.

БУРЯТ АВТОНОМИЯЛУУ СОВЕТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ, **Б у р я т и я** (1958-жылга чейин **Б у р я т-М о н г о л А С С Р и**). РСФСРдин составында, 1923-ж. 30-майда түзүлгөн. Түштүгүнөн МЭР м-н чектешет. Аянты 351,3 миң *км²*. Калкы 834 миң (1973). Админ. жагынан 19 районго (аймакка) бөлүнөт. 5 шаар, 13 ш. т. посёлок бар. Борбору — Улан-Удэ.

Мамлекеттик түзүлүшү. Бурят АССРи—жумушчу-дыйкандардын соц. мамлекети; автон. сов. соц. респ-ка. Конституциясы 1937-ж. 11-августта Бурят-Монгол АССР Советтеринин 7-съездинде кабыл алынган. Мамл. бийликтин жог. органы — Бурят АССР Жог. Советн ж-а анын Президиуму. Жог. Совет өкмөттү — Мин. Советин түзөт. Эмгекчилер депутаттарынын шаардык, райондук, посёлоктук, селолук Советтери Бурят АССРинин мамл. бийлигинин жерг. органдары болуп саналат.

Табияты. Б.— тоолуу өлкө, рельефине жараша 4кө бөлүнөт: Селенга орто бийиктиктеги тоосу (бийикт. 1200—1700 *м*), Чыг. Саян (эң бийик жери — Мунку-Сардык, 3491 *м*), Байкал тоолуу областы (бийикт. 2000—2500 *м* ге жеткен Хамар-Дабан, Улан-Бургасы, Баргузин ж-а Байкал тоолору), Витим бөксө тоосу (1000—1200 *м*). Казып алынуучу кендери: түстүү ж-а сейрек металлдар (алтын, вольфрам, молибден), боксит, апатит, көмүр, темир, асбест, графит. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы —24°C, —25°C, июлда 17°C —18°C. Жылдык орт. жаан-чачыны 250—300 *мм*. Чоң дарыялары: Селенга, Баргузин, Жог. Ангара, Витим, Иркут. Топурагы ар түрдүү; жери негизинен күл топурактуу, талаа ж-а токойлуу талаа жерлери күрөң, кызгылт топурактуу. Жеринин 70%ин токой ээлейт.

Селенга дарыясы.





Калкы. Түпкү эли — бурят. Мында орус, украин, татар ж. б. да бар. Калкынын орт. жышт. 1 *км²* ге 2,3 киши (1970). Элинин 45% шаарда. Чоң шаарлары: Улан-Удэ (271 миң киши, 1973), Кяхта, Бабушкин.

Тарыхы. Б-нын терр-ясында жашаган байыркы эл палеолит дооруна таандык. Б. з. 11-к-ына чейин Б-ны гунн, уйгур, эвенк сыяктуу көчмөн уруулар мекендеген. Байкал аймагында буряттар, эвенкилер жашаган. Негизги чарбачылыгы: мал чарбасы, аңчылык ж. б. Коншуна жашаган сибирь элдери Кытай ж-а Монголия м-н соода-сатык жүргүзгөн. 17-к-да алгачкы общиналык коом ыдырап, ар түрдүү социалдык топтор, эзүүчү таптар пайда боло баштаган. Орус казактары Б-га 17-к-дын башында келген. Б-нын Россиянын составына кириши анын экон., саясий, маданий өнүгүшүнө прогрессчил таасирин тийгизген. Россияга кошулгандан кийин Б-да таптык жиктелүүлөр күчөйт. 1658, 1669-ж. феодалдарга каршы көтөрүлүштөр болгон.

18-к-дын 2-жарымы—19-к-дын 1-жарымында Б-да товардык-акча мамилеси өсөт. Сибирге, Забайкальеге сүргүнгө айдалган революционерлердин таасири м-н рев-ялык кыймыл күчөй баштайт. 1860—90-ж. алтын кендеринде стачкалар чыгат. Падыша өкмөтүнүн реакциясынын күчөшү буряттардын рев-ялык кыймылын ого бетер курчутту. 1905—07-ж. жумушчулар м-н дыйкандардын рев-ялык кыймылына большевиктер башчылык кылат. Массалык түрдө улуттук-бошт. күрөш башталат. Ал эми Февр. рев-ясынын учурунда Верхнеудинскиде (1934-жылдан Улан-Удэ) ж б чоң шаарларда. Жумушчу ж-а солдат депутаттарынын Советтери, кыштактарда болуштук, селолук комитеттер түзүлгөн. 1917-ж. 16-октябрда Иркутскидеги Советтердин жалпы сибирдик 1-съезди болуп, БАК шайланат. 1918-ж. февралда Б-да Совет өкмөтү орнойт. Бирок 1918-ж. жайында буржуазия Совет бийлигин кулатат, япон империалисттеринин колдоосу м-н Забайкальеде атаман Г. М. Семёновдун аскердик диктатурасы орнойт. Интервенттер м-н ак гвардиячыларды жок кылуу үчүн партизандык кыймыл күчөйт. 1920-ж. 2-мартта Кызыл Армия партизандардын жардамы м-н Верхнеудинскини душмандардан бошотот. Батышы РСФСРдин составына кирип, чыгышы Ы. Чыгыш Респ-касына кошулат. ББАКтын 1922-ж. 9-январдагы токтому б-ча, РСФСРдин карамагындагы Бурят-Монгол АОсу ж-а Ы. Чыгыш Респ-касынын карамагындагы Чыг. Забайкальеде Бурят АОсу түзүлөт. Интервенттер Ы. Чыгыштан толук куулуп чыккандан кийин, эки автон. область бириктирилет. СССР элдеринин жардамы м-н Б. аз убакыттын ичинде эле соц. курулушу өнүккөн индустр.-колхоздошкон респ-кага айланды. Ири ө. ж-дын көлөмү 1969-ж. 1940-жылга салыштырганда 7 эсеге өскөн. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде Б-дан 33 жоокер Сов. Союз. Баатыры болуп, 35 миңден ашык адам орден, медалдар м-н сыйланган. СССР Жог. Советинин Президиумунун Указы м-н 1958-ж. 7-июлда Бурят-Монгол АССРи Бурят АССРи деп аталды. 1959-ж. 3-июлда чарбалык, маданий курулушта жетишкен ийгиликтери үчүн ж-а Россиянын составына кошулгандыгынын 300 жылдыгынын урматына В. Ленин ордени, 1972-ж. 29-декабрда Эл Достугу ордени м-н сыйланган.



Улан-Удэ. Верхнеудинскини 1920-жылы 2-мартта япон-америкалык интервенттерден ж-а Семенов бандасынан бошотуу үчүн салгылашууда курман болгон кызыл гвардиячылар м-н партизандарга эстелик.

Эл чарбасы. Б. АССРи экон. жактан өнүккөн респ-ка. Ө. ж-нын башкы тармактары: кен иштетүү, машина куруу (самолёт, электр лампалары, автомоб. краны), жыгач даярдоо ж-а иштетүү, курулуш материалдар, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. А. ч-нын негизги тармагы — мал чарбасы. Баалуу тери даярдоо өнүккөн. Витим бассейнинен алтын, Гусиноозерскиге жакын жерден күрөң көмүр чыгат. Вольфрам м-н молибден казып алынып, алардын концентраты Джидин комбинатында даярдалат. Улан-Удэде машина куруу (авиациялык, локомотив-вагон, кеме, станок, электр машина з-ддору), тамак-аш (көбүнчө эт-консерва), курулуш материалдары (фосфор, цемент ж. б.) ө. ж-лары топтолгон. Жыгач көбүнчө Уда д-нын алабында ж-а Байкалдын чыгыш жээгинде даярдалат. Жеринин 9%ке жакыны а. ч-сында пайдаланылат. Мал чарбасы а. ч. продукциясынын 2/3 бөлүгүн берет. 1974-ж. 485,1 миң уй, 1961 миң кой-эчки, 195,6 миң чочко болгон. 58 совхоз, 71 колхоз бар (1970). Негизинен буудай, сулу, кант кызылчасы ж. б. эгилет. Калтар, жапат ж. б. териси баа айбанаттар асыралат. Тыйын чычкан, ондатрга аңчылык кылынат. Ташыла турган жүктүн 90% т. ж. (жалпы уз. 646 *км*) транспортунун үлүшүнө тиет. Б. жеринен Сибирь темир жол магистралы өтөт. Уз. 10,5 миң *км* ден ашык автомоб. жолу бар. Байкал көлү м-н Селенга ж-а Чика д-ларында кеме жүрөт.



Турка д-ндагы көпүрө.

Саламаттык сактоо. Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин 210 орундуу 6 оорукана болгон, 41 врач иштеген. 1969-ж. 9,1 миң орундуу 146 оорукана, 176 амбулаториялык-поликлиникалык мекеме ж-а 453 фельдшер-акушердик пункттарда 1,6 миң врач, 6,3 миң орто билимдүү мед. кызматкер иштеген.

Элге билим берүү, маданий-агартуу жана илимий мекемелер. Б-да 1914—15-окуу жылында жалпы билим берүүчү (негизинен башталгыч) мектептерде 13,4 миң окуучу болгон, атайын орто ж-а жог. окуу жайлары болгон эмес. Совет бийлигинин жылдарында билим берүү өнүгүп, улуттук жазма пайда болду. 1974-ж. мектепке чейинки балдар мекемелеринде 42,5 миң

бала тарбияланган. 1973—74-окуу жылында жалпы билим берүүчү мектептерде 173,5 миң окуучу окуган. 1974-ж. Б-да 590 массалык китепкана, 656 клубдук мекеме, 783 киноустановка иштеген. Улан-Удэде Бурят край таануу ж-а сүрөт музейи бар. 1966-жылдан СССР ИАнын Сибирь бөлүмүнүн Бурят филиалы иштейт. Анда 1969-ж. 172 ил. кызматкер эмгектенген. Б-да 1789 илимий пед. кызматкер, алардын ичинде илимдин 24 доктору, 352 кандидаты бар.

Басма сөз, радио уктуруу, теле көрсөтүү. Б-нын биринчи массалык газетасы «Шэнэ байдал» («Жаңы турмуш») 1921-ж. Читада чыккан. 1923-ж. Б. АССР болуп жарыяланганда баштап китеп басмасы уюштурулган. «Бурят-Монгольская правда» (орусча), «Бурят-Монголой унэн» (бурятча) чыгат. Кийин (1958) бул газеталар «Правда Бурятии», «Буряад унэн» болуп аты өзгөрүлгөн. Комсомолдук «Молодежь Бурятии», 17 райондук газета, коомдук-саясий, көркөм «Байкал» журналы бар. 1934-жылдан радио уктуруу, 1961-жылдан теле көрсөтүү башталган.

Адабияты жана искусствосу. Улуу Окт. соц. рев-ясына чейин буряттардын жазма ад-ты болгон эмес. Алардын улуттук рухий байлыгы — элдин оозеки чыг-лары. Бурят совет ад-тынын калыптанышында ж-а өсүшүндө фольклордун мааниси зор. Бурят калкынын маданий эстелиги — баатырдык «Гэсэр» эпосу. Окт. рев-ясынан кийинки бурят совет ад-тынын калыптанышында Х. Н. Намсараевдин (1889—1959) чыг-лык ишмердиги айрыкча мааниге ээ. Ал өзүнүн көп сандаган ырлары, аңгемелери ж-а пьесаларында бурят элинин социализмди куруу мезгилиндеги каармандык иштерин чагылдырган. Азыркы кезде бурят совет ад-ты соц. реализмдин жолунда бардык жанрлар б-ча дүркүрөп өнүгүүдө. Б. Абидуев (1909—39), Ц. Номтоев (1910-ж. т.), Ц. Дондокова (1911-ж. т.), Д. Жалсараев (1925-ж. т.), Ж. Тумунов (1916—55), Ж. Балданжабон (1909—67), Д. Дашинимаев (1904—37), Б. Базарон (1907—66), Н. Дамдинов (1932-ж. т.), Д. Улзытуев (1936-ж. т.), Ц. Шагжин (1918-ж. т.), А. И. Шадаев (1899-ж. т.), Ч. Цыдендамбаев (1918-ж. т.), Ц. Галанов (1932-ж. т.) сыяктуу акын, драматург ж-а прозаиктери элге кеңири белгилүү. Бурят ад-т таануу ж-а адабий сыны да өнүгүүдө. «Бурят совет адабиятынын тарыхы» (1967) чыкты. Буряттардын байыртан эле иск-восу болгонун далилдеген керамика, жез буюмдары, аңчылыкка байланыштуу тоо-таштын бетине түшүрүлгөн адамдын, жырткыч айбандардын сүрөттөрү ж. б. эстеликтер бар. Декоративдик-жасалга эл өнө-



А. Н. Сахаровская. Бурят эпосу «Гэсэрге» жасалган линогравюра серияларынан.

рүндө сайма саюу, баркыт, сукно, булгаарыдан кыркмалап бир фондун бетине жабыштыруу аркылуу сүрөт салуу, сөөк-жыгачты оюп коздоо өнүккөн. Улуу Окт. соц. рев-ясынан кийин Б. элинин улуттук иск-восу ар тараптуу өнүгүүдө. Өлкөдө живопись, графика, скульптура ж. б. иск-во түрлөрү пайда болду. Улан-Удэ сүрөт өнөр музейи ачылды. Б-нын белгилүү сүрөт ж-а архит. ишмерлери: Ц. С. Сампилов, А. Е. Хангалов, В. А. Сидоров ж. б. Элдик муз. мад-ты жайылтуучулар негизинен жомокчу ж-а элдик ырчылар болушкан. Кеңири таралган муз. аспаптары: сур, лимба (үйлөмө) ж-а хур (ышкыма). Эл ичиндеги музыканы жыйноо, изилдөө, нотага түшүрүү совет доорунда гана ишке ашырылды. Азыр Бурят АССРинин өнүккөн проф. музыкасы бар. Б. Б. Ямпилов, Д. Д. Аюшеев, Ж. А. Батуев сыяктуу комп-лору, СССР эл артисти Л. Л. Линховоин, РСФСР эл артисти Б. М. Балдаков, Н. К. Петрова ж. б-лар өсүп чыкты. Респ-када Бурят опера ж-а балет театры (1948-ж.), филармония, «Байкал» ыр-бий ансамбли, муз. ж-а хореография окуу жайлары, муз. мектептери бар. Б. театры элдик ыр-бий, оюн-зоокторунан башталат. 1908—14-ж. алгачкы бурят драмасы пайда болгон. Кийин өнөрпоздордун ийримдери уюшулуп, 1932-ж. Улан-Удэде Б. муз. драма театры ачылган. Анын базасында 1950-ж. Намсараев атн. бурят драма театры түзүлгөн. Анда улуттук спектаклдер ж-а орус классиктеринин чыг-лары коюлуп турат. Улан-Удэде орус драма театры бар. Б. театрынын өнүгүшүнө РСФСР эл артисттери Ч. Г. Геннинов, В. К. Халматовдордун салымы чоң. Сахна чеберлери СССР эл артисттери: Г. Ц. Цыдынжапов, Л. Сахьянова, Б. Н. Вампилов, Н. Н. Гендунова ж. б.



Улан-Удэ. Ленин көчөсү (алдыңкы планда опера ж-а балет театры).

Ад.: Буянтуев Б. Р., Раднаев Г. Ш., Советская Бурят-Монголия, Улан-Удэ, 1957; История Бурят-Монгольской АССР, 3 изд., т. 1, Улан-Удэ, 1954; История Бурятской АССР, т. 2, Улан-Удэ, 1959; Бартанов П. И., Развитие науки в Бурят-Монгольской АССР, Улан-Удэ, 1957; Искусство Бурятской АССР, Улан-Удэ, 1959.

БУРЯТ ТИЛИ — бурят калкынын тили. Монгол тилдеринин тобуна кирет. Б. т-де (СССРде) 292 миңге жакын адам сүйлөйт (1970). 4 диалектиге (батыш, чыгыш, төмөнкү уда, сартулцонгол) бөлүнөт. Бурят адабий тили элдик тилдин негизинде сов. доордо калыптанды. Б. т-нин жазуусу 1931-ж. латын, 1939-ж. орус графикасынын негизинде түзүлгөн.

БУРЯТТАР — улут, Бурят АССРинин түпкү калкы. РСФСРдин Чита обл-нын Агин-Бурят улут округу м-н Иркутск обл-нын Усть-Ордо бурят улут округдарында ж-а кээ бир р-ндорунда жашашат. МЭРдин түндүгүндө ж-а КЭРдин түн.-чыгышында да бар. СССРде 313 миң Б. бар (1970). Антропол. белгиси б-ча монголоид расасынын борб. азиялык тибине кирет. Бурят тилинде сүйлөшөт. Б-дын эл болуп калыптануу процесси 17—18-к. бүткөн. Негизинен мал чарбасы м-н кесип кылышкан. Окт. рев-ясынан кийин, соц. курулуштун жылдарында бурят эли соц. улут болуп түзүлдү. Б-дын тарыхы, чарбачылыгы ж-а мад-ты ж-дө, к. *Бурят АССРи.*

БУССОЛЬ — магниттик меридиан м-н кандайдыр бир нерсеге жиберилген багыттын *(азимуттун)* арасындагы горизонттук бурчту өлчөөчү геодезиялык аспап. Ал — айнектелген тегерек кутуча, анын ортосунда бекитилген айланма магнит жебеси болот. Кутучада градустарга бөлүнгөн тегерекче (лимб) ж-а бир нерсеге багытталуучу оптикалык дүрбү бар (к. сүрөт). Б. топогеод. жумуштарды жүргүзүүдө, артиллерияда ж. б. колдонулат да, анын артилл. асма, күзгүлүү, автоколлимациондук түрлөрү болот.

БУСЫГИН Александр Харитонович [28. 5 (10. 6). 1907-ж. т.] — Горький автозаводунун устасы, стахановчул кыймылдын алгачкы демилгечиси, Соц. Эмг. Баатыры (1975). 1938-жылдан КПССтин мүчөсү. 1935-ж. бир сме-

нада нормада белгиленген 675 муунактуу валдын ордуна 966, кийинчерээк 1946 вал даярдап, эмгек өндүрүмдүүлүгү жагынан рекорд койгон. Персоналдык пенсионер. Б. 2 Ленин ордени, башка 2 орден м-н сыйланган.

БУТ КИЙИМ — бутту ысык-сууктан, суу болуудан, бир нерсеге урунганда жаралануудан сактоочу кийим. Б. к. жердин геогр. шартына ж-а элдин жашоо турмушуна жараша ар түрдүү жасалат. Б. к. колдонулушуна ылайык үй-тиричилик үчүн (өтүк, ботинка, туфли ж. б.) ж-а атайын иштер үчүн (өндүрүштүк, спорттук, ортопеддик) болуп бөлүнөт. СССРде бут кийим 10дон 48ге чейинки өлчөмдө массалык түрдө жасалат. Б. к. өндүрүшүндө тери м-н катар жыгач, резина, картон колдонулат. Анын материалы гигиеналык талапка ылайык буу ж-а ным өткөрүү, жылуулук сактоо касиеттерине ээ болуусу зарыл. Б. к-дин материалы тамандан бөлүнүп чыккан (0,5—1,0 *г/с*) нымды жутуп алат да, кийилбей турган мезгилде кайра бөлүп чыгарат.

БУТ КИЙИМ КАЛЫБЫ — түрдүү формадагы бут кийимдерди жасоо үчүн колдонулуучу жасалга. Б. к. к. негизинен бычылып тигилген материалга керектүү форма берүүдө, тамандоо ж-а бут кийимдин сыртын коздоодо колдонулат. Б. к. к. темирден, жыгачтан, пластмассадан жасалат. Бут кийимдин таманын вулканизациялаганда ж-а формага келтиргенде, көбүнчө металлдан жасалган Б. к. к. урунулат.

БУТ КУЙРУКТУУЛАР (Collembola) — курт-кумурскалар классынын түркүмү. Денеси кылдуу түктөр м-н капталган. Ооз органдары кемирүү ж-а сайып сорууга ылайыкталган. Канаттары ж-а көздөрү жок. Б. к-дын мүнөздүү органы — алардын курсак көңдөйүндө жайгашкан секирткич айрычасы, анын жардамы м-н таянычтап секирип жылат. Б. к. ар түрдүү шарттарда, өзгөчө нымдуу, чириндилерде, өсүмдүктөрдүн калдыктарынын арасында, кээ бирлери сууда жашайт, чириндилерди жейт. Жаратылыштагы зат алмашууда ж-а топурактын пайда болушунда көрүнүктүү роль ойнойт. Алардын жашылча, жер-жемиштерге зыян келтирүүчү бир нече түрү бар. Мис., сары Б. к. кызылча, картошка, ашкабакка ж-а жүзүмгө зыян келтирет.



Перископтук артиллерия буссолу (ПАБ). *1*—буссолдун төмөнкү бөлүгүн бириктирүүчү тик ок темир-шестерня; *2*—буссолду магнит жебеси б-ча багыттай турган багыттоочу буссоль *3*—буссолду тик ок темирди тегерете айландыруучу бурама тетик; *4*—буссолдун жогорку бөлүгүн айландырып ж-а барабандагы бөлүкчөлөрдү көрсөтүүчү бурама тетик; *5*—нерсени түз көрсөтүүчү көрүү дүрбүсү.

БУТА, мишень — 1) полигондо, бута атуучу жайда, деңизде таамай атууга машыгуу үчүн атайын жасалган сөлөкөттөр. Куралдардын түрүнө жараша Б-лар да ар кыл жасалат. Мылтык, автомат, тапанчага тегерек (спорттук) ж-а ар түрдүү сөлөкөттөгү Б-лар; артиллерияга — калкандар, ар түрдүү сөлөкөт Б-лар, о. эле окоптор, блиндаждар; асманда Б. үчүн парашюттар ж-а трос м-н самолётко сүйрөтүлгөн полотно конустар же радио м-н башкарылып учуучу самолёттун макети; деңизде атууга машыгууда суу үстүндө тикесинен жүрүүчү калкымалар ж. б. колдонулат. Б-лардын кыймылсыз, көрүнүп жок болуп, жылып туруучу түрлөрү колдонулат. 2) Б. кыргыз элинде байыртадан бери бар. Бута атууга алгачы жаа, милтелүү мылтык, кийинчерээк бараң колдонулган. Бута атуу аркылуу жоокерчиликке, мергенчиликке ж-а мелдештерге даярданышкан.

БУТА АТУУЧУ ЖАЙЛАР — мылтык атууга машыктыруучу жай. Алар көбүнчө шаарларда, ири айыл-кыштактарда курулгандыктан, элге зыян тийгизбес үчүн жабык же жарым-жартылай жабык болот. Машыгууга ыңгайлуу болсун үчүн мындай жайлардын мылтык ата турган ж-а бута илине турган жерлери механикалаштырылып ж-а электрлештирилип коюлат. Бул жайларда курал-жабдык, ок-дары сакталуучу ж-а мылтык атуунун эрежелерин окуй турган бөлмөлөр болот. Б. а. ж. СССРде ДОСААФтын карамагына кирип, өлкөдө спорттук разрядчыларды ж-а мастерлерди даярдап, жаштарды алгачкы аскердик даярдоодон өткөрүүгө көмөк көрсөтөт.

БУТАДИЕН, дивинил, $CH_2{=}CH{-}CH{=}CH_2$ — мүнөздүү жыты бар түссүз газ. Эрүү t — 108,9°C, кайноо t—4,5°C, сууда начар, спиртте, керосинде жакшы эрийт. Аба м-н 1,6—10,8% аралашмасы жарылат. Суутек, галогендер, галогендүү суутек ж. б. м-н реакцияга кирет. Б. жеңил полимерленип, синтет. каучуктарды пайда кылат. Б. ө. ж-да спиртти, бутанды, бутиленди ж-а ацетиленди катализдик дегидрагендөөдөн алынат. СССРде 1-жолу этил спиртинен С. В. *Лебедевдин* методу м-н алынган. Б. баалуу каучуктарды синтездөөдө колдонулат.

БУТАДИЕН КАУЧУГУ, дивинил каучугу — бутадиендин полимерленүүсүнөн алынган синтет. каучук. Полимерлөөнүн шартына ж-а катализаторлордун мүнөзүнө жараша цис ж-а транс (изомер) түзүлүшүндө болот. Катализатор катарында жегич металлдар (көбүнчө Na), комплекстүү ж-а металл орг. бирикмелер колдонулат. Жегич металлдардын катышуусунда негизинен транс түзүлүштөгү натрий-бутадиен каучугу алынат. Бул каучук акад. С. В. *Лебедевдин* методу б-ча СССРде 1-жолу 1932-ж. чыгарылган. Жогоруда аталган башка катализаторлордун жардамы м-н негизинен цис түзүлүштөгү Б. к. пайда болот. Мындан ийилгичтиги, бышыктыгы табигый каучуктан артык резиналар алынат. Б. к. шина, ташыгыч тасма, суукка чыдамдуу бышык буюмдар, турмуш-тиричиликке керектүү резина жасоодо колдонулат.

БУТАДИЕН-СТИРОЛ КАУЧУГУ — бутадиен м-н стиролду полимерлөөдөн алынган синтет. каучук. Б.-с. к. ароматтуу ж-а алифатикалык углеводороддордо эрүүчү, майлагыч майларга туруксуз, суюлтулган ж-а концентрацияланган к-талардын аракетине туруктуу ачык сары түстөгү масса. Б.-с. к. составындагы стирол м-н бутадиендин проценттик санына жараша ар түрдүү болот. Полимерлөө 2 шартта: төмөнкү (~5°) ж-а жогорку (~50°) темп-рада жүргүзүлөт. Составында 8% стиролу бар Б.-с. к. суукка чыдамдуу, ийилгич болот. Бул каучуктан суукка чыдамдуу резина буюмдары жасалат. 45% стиролу бар Б.-с. к. бышык, сүрүлүүгө чыдамдуу, бирок ийилгичтиги начар, суукка чыдамсыз келет. Эң көп таралганы — 23% стиролу бар төмөнкү темп-рада полимерленүүчү каучук. Б.-с. к. автомоб. шинасын, камерасын, жүк ташыгыч тасма, резина бут кийим ж. б. жасоодо кеңири колдонулат.

БУТАКАНА, тир (фр. tir — кере тартуу, жаа тартуу) — кол м-н атылуучу куралдардан ок атып көнүгүү ж-а машыгуу үчүн жасалган жабык же жарым-жартылай ачык жай. Б-нын узундугу эки түрдүү (400 *м* ж-а 100 *м*) болот. Б. куралдарды сынап көрүү полигондорунда, ок атуучу куралдарды чыгаруучу ишканаларда курулат. Ал ок тешип чыгып кетпегидей, аткычтардын коопсуздугуна зыян келбегендей кылып жасалат. Б-да ок тийүүчү тилке м-н буталар механикалаштырылат ж-а электрлештирилет, көмөкчү ж-а сабак өткөрүлүүчү жайлары, ок-дары коюлуучу, эс алуучу бөлмөлөрү болот.

БУТАКТАНУУ (өсүмдүктөрдө) — өсүмдүктөрдүн сөңгөк-сабактарынын тармактанышы. Б-да өсүмдүктүн чөйрө м-н байланышкан бетинин аянты чоңоюп, тиричилиги үчүн зарыл болгон заттарды, күндүн энер-

гиясын көбүрөөк алууга мүмкүндүк түзүлөт. Б-нун бир нече түрлөрү бар. 1) Дихотомиялык же ачаланып Б. Мында Б. түз эле өсүү конусунда болуп, андан 2 бутак өсүп чыгат. Алардын өсүү конустары өз кезегинде ачаланып, дагы экиден бутак пайда кылат д. у. с. Бул Б. балырлардын көпчүлүгүнө, кай бир коову карындарга, мохторго ж-а плаундарга мүнөздүү.



Бутактануу схемалары: *1* — дихотомиялык, *2*—моноподийлик, *3*—симподийлик, *4*— жалган дихотомиялык бутактануу. Рим цифралары бутактардын катарларын белгилейт.

2) Айрым өсүмдүктөрдүн башкы сабагынын чоку бүчүрү өсүшүн токтотуп, анын 2 жагында тушташ жайгашкан каптал бүчүрлөрдөн 2 бутак өсүп чыгат. Алар белгилүү өлчөмдө узарганда өсүшүн токтотот да, ар биринен экиден бутак өсүп чыгат д. у. с. Мындай Б. жалган дихотомиялык деп аталат (мис., сирень, ат каштаны ж. б.). 3) Моноподийлик Б. Мында негизги сабак бир нече жыл бою же өсүмдүктүн бүт өмүр бою чокусунан узарып өсөт, анын каптал бутактары да ушундай бутактанат, негизги сабак каптал сабактарга караганда ылдамыраак өсүп, жоон ж-а узун болот. Бул Б. балырда, козу карында, жалбырактуу мохто, кырк муунда ж-а уруктуу өсүмдүктө учурайт. 4) Симподийлик Б. Мында чоку бүчүр белгилүү мезгилден кийин өсүшүн токтотот же өлөт, сабактын өсүшүн чоку бүчүргө жакын жайгашкан колтук бүчүр улантат. Б-нун бул түрү көпчүлүк дарак ж-а көп жылдык чөп өсүмдүгүндө кездешет. Б. сабакка гана эмес, тамырга, топ гүлгө, тарамыштарга (өткөргүч боочолорго), жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктүн талломдоруна да мүнөздүү.

БУТАН — Түш. Азиядагы мамлекет, Чыг. Гималайда, Кытай м-н Индия аралыгында. Аянты 47 миң *км²* ге жакын. Калкы — 1,3 млн (1970). Борбору — Тхимпху (1972-ж. 10 миңге жакын). Климаты муссондуу, нымдуу, тропиктик, жог. алкагы суук. Токой өсүмдүктөрүнө бай, 3500—4000 *м* ден жогору тоо шалбаалары өсөт. Түбөлүк жаткан кар м-н мөңгү массиндери көп. Пил, носорог (керик), жолборс, кабылан, жапайы уй ж. б. сүт эмүүчүлөр кездешет. Калкынын көпчүлүк бөлүгү бхотия (1967-ж. 450 миң) ж-а тибет тилине окшош тилде сүйлөөчү уруулар. Мамл. тили — дзонг-кэ. Дини — ламаизм (буддизм дининин бир түрү). Узак убакыт бою Тибет ламаларын бутандыктар өз ламаларынын ж-а монастырларынын рухий жетекчиси (устаты) деп эсептешкен.

Бутандыктар коңшу өлкөлөргө, алардын ичинде Тибеттин аймактарына чабуул коюп турушкан. Индияга орношуп алган англ. колонизаторлор 19-к-дын ортосунан Б-га да контролдук кылган. Англ. ж-а инд. бийликтердин Б. м-н түзгөн бир катар договорлорунда (булардын маанилүүлөрү 1841, 1865, 1910-жылдарда түзүлгөн) Ассам ж-а Бенгалия м-н чектеш тоолуу райондордогу ашуулардын Б-дан ажыратылып алынышы, о. эле тышкы саясатка жетекчилик кылуунун англичандарда болушу белгиленген, ошолордун эсесине Б. акимине жыл сайын жардам акча (1910-жылдан 100 миң рупий) берилиши көрсөтүлгөн. Индия көз каранды эместикке жетишкен соң (1947) тышкы байланыштар б-ча Б. Индия өкмөтү м-н кеңешип турууга тийиш экендиги, Дивангири округу Б-га кайтарылып берилери, анын акимине төлөнүүчү жардам акча 500 миң рупийге чейин көбөйтүлүшү ж-дө договор түзүлгөн. 1954-ж. Б-да парламент уюшулуп, ал 1968—69-ж. бир катар маселелерди өз алдынча чечүү укугун алган.

Б.— феод. мамиле үстөмдүк кылган агрардык өлкө. А. ч-да дыйканчылыктын үлүшү басымдуу (шалы, буудай, арпа, картошка; түш.-чыгышында — мандарин, апельсин, манго, банан). Түндүгүндө мал чарбасы өнүккөн (топоз, кой). Кен байлыктарынан: таш көмүр, гипс, доломит, слюда, графит казып алынат. Тхимпхуда анчалык чоң эмес электр станциясы иштейт. Б. негизинен Индия м-н соода жүргүзөт. Сыртка жыгач, жемиш консерваларын, көмүр, лак, пил сөөгү чыгарылат. Элге билим берүү б-ча Б. төмөнкү деңгээлде, калкынын 95% сабатсыз (1968). Жог. окуу жайы жок.



1. Эгин басуу. 2. Бутан дыйкандары.

БУТАНДАР, C_4H_{10} — түссүз, жытсыз, газ түрүндөгү каныккан углеводороддор. Эки изомери белгилүү: кадимки бутан $CH_3CH_2CH_2CH_3$ — 0,5°Сде, изобутан $(CH_3)_2CHCH_3$ — 11°Сде, кайнайт. Кадимки бутан 90—150°С де, 10—20 *ат* басымда $AlCl_3$, HClдун таасири м-н изобутанга айланат. Аба м-н белгилүү көлөмдөгү аралашмасы жарылууну пайда кылат. Изобутанга алкилдөө ж-а дегидрогендөө реакциясы мүнөздүү. Аны 1-жолу А. М. *Бутлеров* синтездеп алган. Б. жаратылыш ж-а нефть газдарында учурайт. Б-дан *бутадиен* алынат ж-а алардын пропан ж. б. углеводороддор м-н аралашмасы газ түрүндөгү отун катары колдонулат.

БУТАРДЫК ИШТЕТҮҮ — кендин үстүнө салынган арыкка суу жиберүү м-н чачынды кенди алуудагы жөнөкөй процесс. Суу акырындап жеңил тектерди жууп кетет. Оор минералдар арыктын түбүндө чөгөт да, анан бутар (жыгач челек) ж-а поочо аркылуу тазаланып алынат. Бул ыкты өркүндөтүү 19-к-дын 30-жылдары Уралда кен иштетүүнүн гидравл. ыкмасын ойлоп чыгарууга алып келди. СССРде чачынды кендерди экскаватордун, бульдозёрдун, скреперлин жардамы аркылуу механикалаштырылган гидравл. жол м-н алуу ыкмасы Б. и-нү сүрүп чыгарууда.

БУТАФОРИЯ — театр спектаклдеринде чыныгы буюмдардын ордуна колдонулуучу скульптура, мебель, идиш, курал-жарак сыяктуу ар кандай жасалга. Б. спектаклдин өзгөчөлүктөрүнө жараша картондон, жыгачтан, калайдан ар түрдүү формада, түстө жасалат. Б-ны жасаган адам бутафор деп аталат.

БУТЕНДЕР, бутилендер, C_4H_8 — газ абалындагы каныкпаган углеводороддор. Үч изомери белгилүү: α-бутилен же кадимки бутен-1, $CH_2{=}CH-CH_2{-}CH_3$ —6,25°Сде, β-бутилен, бутен-2 (транс- ж-а цис-формада) $CH_3CH{-}CH{-}CH_3$ —3,72°С де, изобутен $(CH_3)_2\ C=CH_2$ —6,9°С де кайнайт. Б. сууда начар, орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Суутек, галогендер ж-а галогендүү суутектер ж. б. м-н реакцияга кирет, абада кычкылданып, бутилен кычкылын пайда кылат. Б. бутил спирттеринен, нефть газдарынан, этилен ж-а ацетиленден синтезделип алынат. Ө. ж-да синтет. каучуктарды, жог. октандуу мотор отунун, бутил спирттерин алууда колдонулат.

БУТИЛ КАУЧУГУ — изобутилен м-н изопрендин сополимерленишинен

$$\left[\begin{array}{c} CH_3 \\ | \\ -C-CH_2- \\ | \\ CH_3 \end{array}\right]$$

алынган синтет. каучук.

$$-\Big]_n-\left[\begin{array}{c} CH_3 \\ | \\ -CH_2-C=CH-CH_2- \end{array}\right]_m$$

Б. к-н полимерлөө көбүнчө хлордуу метил же хлордуу этил эритмесинде $AlCl_3$ катышуусу м-н —100°Сге жакын темп-рада жүргүзүлөт. Б. к.— орг. эриткичтерде эрибеген, ачык сары түстөгү зат, электрди өткөрбөйт, жылуулукка, күчтүү реагенттерге (жегичтерге, суутектин өтө кычкылына, озонго, күчтүү кислоталарга) туруктуу. Б. к. автомоб. шинасын, камераларын, резиналанган кездемелерди ж-а түрдүү резина буюмдарын, электр өткөрбөөчү материалдарды жасоодо колдонулат.

БУТИЛ СПИРТТЕРИ — *спирт* жыттанган түссүз суюктук. Б. с-нин 4 изомери белгилүү: бутанол-1 $CH_3CH_2CH_2CH_2OH$, кайн. t 117,4°С. Ө. ж-да глицерин, глюкоза, крахмал ж. б. углеводдорду ферменттик ачытуу ж-а синтет. жолдор м-н алынат; бутанол-2 $CH_3CH_2CHOHCH_3$, кайн. t 100°С, β-бутиленди гидролиздөөдөн алууга болот; изобутил спирти $(CH_3)_2CH{-}CH_2OH$, кайн. t 107,5°С, катализатордун катышуусу м-н СО ж-а H_2 аралашмасынан синтезделип алынат; триметилкарбинол $(CH_3)_3COH$ кайн. t 82,9°С; изобутиленди гидраттоодон алынат. Б. с. чайыр, нитролактарды, этил целлюлозаларын өндүрүүдө эриткич катарында, татаал эфирлерди, жуугуч заттарды ж. б. синтездөөдө колдонулат.

БУТИРОМЕТР (гр. butyron — май ж-а *...метр)*, майлуулукту өлчөгүч — сүттүн майлуулугун өлчөөчү прибор. Көп колдонулуучу Б.— шкаласы бар цилиндр түрүндөгү айнек идиш. Прибордун шкаласынын бир бөлүгү 0,1% ти (массасы б-ча) көрсөтөт. Текшерүү үчүн Б-гө 11 *см³* күкүрт к-тасы ж-а 1 *см³* амил спирти куюлат да, оозун тыгындап, аралаштырылат. Бул учурда сүттүн майдан башка составдык бөлүгү эрип кетет. Май жакшыраак бөлүнүп чыксын үчүн Б. центрифугада айландырылат, андан кийин сүттөгү майдын саны шкала б-ча % м-н аныкталат.

БУТЛЕРОВ Александр Михайлович [3 (15). 9. 1828—5 (17). 8. 1886] — орус химиги, орг. бирикмелердин түзүлүш теориясын негиздөөчү. Казанды химик-органиктердин мектебинин жетекчиси. Б. 1849-ж. Казань ун-тин бүтүп, бул ун-тте мугалим, 1854-ж. экстраординар, 1857-ж. ординар проф., 1860—63-ж. эки жолу ун-ттин ректору, 1868—85-ж. химия б-ча Петербург ун-тинин ординар проф., 1884-ж. Петербург ИАга ординар акад., 1878—82-ж. Орус физ.-хим. коомунун химия бөлүгүнүн (Н. Н. Зининден кийин) пред-ли. Россиядагы ж-а чет элдик көп ил. коомдордун ардактуу мүчөсү. 1851-ж. магистрлик, 1854-ж. докторлук диссертация жактаган. Б. эксперименттик изилдөөсүн Парижде Ш. А. Вюрцтун лабораториясында улантып, йоддуу метиленди жаңы метод м-н синтездеген (1858). Ал биринчи жолу гексаметилентетраминди (уротропин) ж-а формальдегиддин полимерин синтездейт. Формальдегиддин полимерин акп таш суусу м-н иштетүүдөн 1-жолу синтет. кантты алган (1861). «Заттардын химиялык түзүлүшү» деген докладында орг. бирикмелердин түзүлүшү ж-дөгү негизги идеясын айткан. Б. биринчи жолу изомерия кубулушуна түшүнүк берген. Б-дун эмгеги Совет бийлиги орногондон кийин жогору бааланды.



А. М. Бутлеров.

Чыг.: Сочинения, т. 1—3, М., 1953—58 (библ. трудов).

Ад.: Быков Г. В., Александр Михайлович Бутлеров, М., 1961.

БУТМИР МАДАНИЯТЫ — Югославиядагы кийинки *неолит* доорундагы археол. маданият. Б. з. ч. 4-миң жылдыкка таандык. Босна өзөнүнүн боюна тараган. 19-к-дын аягында байыркы адамдар жашаган Бутмир турак жайынын табылышына байланыштуу Б. м. деп аталган. 20-к-дын 40-жылдарынын аягынан бир нече жолу изилдөө жүргүзүлүп, камыш ж-а топурак үйлөр, көп сандаган таш куралдар (балта, кетменче, кыргыч ж. б.), оймо-чиймо түшүрүлгөн чопо идиштер табылган.

БУУ КАЗАНЫ — атмосф. басымдан жог. басымдуу бууну алууга ылайыкталган жылуулук алмаштыргыч аппарат. Буу алууда көбүнчө суу пайдаланылат да, ал казандын очогуна жагылган отун же газ м-н буугa айландырылат. Бууну ө. ж-да пайдалануу 18-к-да башталган. Орус ойлоп табуучусу И. И. *Ползунов* дүйнөдө 1-буу машинасын 1765-ж. курган. Андан кийин Б. к-нын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, анын п. а. к-ин арттыруу, казандын өлчөмүн ж-а материалдын сарп кылынышын азайтуу багытында үзгүлтүксүз иштер жүргүзүлгөн. Б. к. колдонулушуна жараша оруптуктуу (стационардык) ж-а көчмө болуп бөлүнөт. Оруптуктуу Б. к. электр станцияларына орнотулуучу энергиялык, о. ж-лык, коммуналдык ишканалардын казан агрегатына коюлуучу ж-а имараттарды жылытуу үчүн жылыткыч болуп айырмаланат. Көчмө казандарга транспортко (паровоз, пароход ж. б.) орнотулуучу Б. к. кирет. Колдонулуп жаткан казандардын газ түтүктүү ж-а суу түтүктүү түрлөрү бар, алар камералуу ж-а секциялуу болот. СССРдин электр станцияларында 100 *кг/см²* басымдагы бууну пайда кылууда 230 *т/с* өндүрүмдүүлүктө иштеген Б. к. орнотулат, о. эле 200—300 *кг/см²* басымдагы бууну 500 *т/с* өндүрүмдүүлүктө иштетүүчү Б. к-дары да бар.

БУУ МАШИНАСЫ — суу буусунун потенциалдык энергиясын мех. энергияга айландыруучу жылуулук кыймылдаткыч. Б. м-нда буу казанынан келүүчү суу буусунун энергиясы поршендин алга-артка жүрүү кыймылын же валдын айлануу кыймылын пайда кылат. Цилиндрдин ичиндеги поршень анда 2 көңдөй көлөмдү пайда кылып, алардын бириндe буу кысылат, экинчисинде буу кеңейт. Кысылган буу поршенди жылдырып, ага бекитилген шатун аркылуу машинаны кыймылга келтирет. Б. м. стационардык ж-а көчмө; пайдаланылган бууга жараша төмөнкү басымдуу (12 *кг/см²* ге чейин), орт. басымдуу (60 *кг/см²* ге чейин), жог. басымдуу (60 *кг/см²* ден ашык); валынын айлануу саны б-ча жай (50 *айл./мин* чейин) ж-а тез жүрүүчү; чыгарылуучу буунун басымына карата конденсациялуу ж-а атылып чыкма; цилиндринин жайгашына карата горизонттук, жактык ж-а вертикалдык; цилиндринин саны б-ча бир ж-а көп цилиндрлүү деп бөлүнөт. Б. м. суу ж-а т. ж. транспортунда, кант заводдорунда, ширеңке, текстиль ж-а кагаз фабрикаларында колдонулат.

БУУ ТУРБИНАСЫ (лат. turbo — куюн, чимирик, ийик) — суу буусу-



Буу турбинасынын схемасы: *1, 2, 3*—калакчалар; *4*—буу кирүүчү патрубок; *5*—буу чыгаруучу патрубок; *6, 7*—диафрагмалар; *8*—диска бекитилүүчү вал; *9*—сопло,

нун кеңейгендеги потенциалдык энергиясын мех. энергияга айландыруучу жылуулук кыймылдаткыч. Б. т. жумушчу калактар бекитилген дискалуу ротордон, буу киргизүүчү ж-а чыгаруучу патрубоктуу станоктордон, диафрагмадан ж-а соплодон турат. Дискалар валга бекитилет. Турбина иштегенде соплодогу буу кеңейип, калакчалардын айлануу багытын көздөй буунун ылдамдыгы жогорулап, калакты айланып өткөн буунун агымы өзүнүн кыймыл багытын өзгөртөт. Бул учурда калакчаларга аракет кылган күчтөр жумуш аткарат. Буунун кеңейишине жараша Б. т. **активдүү ж-а реактивдүү** болуп айырмаланат. Турбинанын айлануучу бөлүктөрүндө буу үзгүлтүксүз кеңейгендиктен, буу мезгил-мезгили м-н кеңейе турган поршендүү буу машинасына караганда Б. т-нда мех. энергиянын пайда болушу үзгүлтүксүз болуп турат. Өлчөмү, турбинада үзгүлтүксүз тез жүрүүчү электр генераторун, аба үйлөткүчтөрдү, аба кысуучу компрессорду иштетүүгө колдонулат. Б. т. пайдаланышына жараша орунтуктуу ж-а көчмө болуп бөлүнөт. Орунтуктуу (стационардык) Б. т. электр станциясына, көчмө турбина кемелерге орнотулат.

БУУ ТҮТҮГҮ — бууну керектөөчүлөргө (буу казанынан турбиналарга, технол. ж-а жылытуучу системаларга) жеткирүүчү курулуш комплекси. Ал айрым түтүктөрдөн, аларды бириктиргичтерден (фланец, муфта, үчтүк ж. б.), тирек жабдуулардан (вентиль, жылдыргыч, редукциялык клапан), дренаж түзүлүштөрүнөн, тиреөчтөн ж-а бекиткичтерден турат. Буу өтүп жатканда жылуулуктун сарп болушун азайтуу үчүн Б. т. жылуулук сыйымдуулугу аз материалдар м-н оролуп коюлат. Б. т. энергет. ж-а технол. максатка ылайыктуу буунун жүрүшүнө жараша ар кандай темп-рага ж-а басымга ылайыкталып жасалат.

БУУ УСТАНОВКАСЫ — жагылган отундун жылуулугун мех. энергияга айландыруу үчүн суу буусу пайдаланылган күч берүүчү установканын бир түрү. Б. у-нын составына бууну пайда кылуучу казан, буу кыймылдаткычы (машина же *турбина*), иштетилген бууну кайра суугa айландыруучу конденсатор кирет. Бул процессти ишке ашыруу үчүн Б. у-нда көп цикл пайдаланылат. Ушул цикл б-ча ыраатчылык м-н жумуш иштөөчү 2 механизм ар түрдүү темп-ралык шартта иштейт. Б. у-нын артыкчылыгы — анда катуу ж-а төмөнкү сорттуу отун пайдаланылгандыгында.

БУУ-ГАЗ УСТАНОВКАСЫ — күйүүнүн газ абалындагы продуктулары м-н буу жумуш аткара турган ачык циклдүү газ турбиналуу установка. Салыштырмалуу жылуулук сыйымдуулугу чоң болгон бууну пайдаланганда, жылуулук көп бөлүнүп чыгып, күч берүүчү установканын п. а. к. бир кыйла жогорулайт. Б.-г. у-нын биринде жумуш аткаруучу заттар — газ абалындагы зат м-н буу аралаштырылып турбинага берилсе, экинчисинде ал заттар аралаштырылбастан газ абалындагы зат *газ турбинасына* ж-а буу *буу турбинасына* берилет. Биринчи учурда Б.-г. у-нын буу-газ генератору күйүү камерасынан ж-а бууланткычтан турат. Отундуу күйүүзө турган аба компрессор м-н басым аркылуу берилет. Отундун күйүшүнөн чыккан жылуулук м-н буу пайда болот ж-а өтө ысытылып турбинага берилет. Иштетилген буу газ-суу генераторунда муздатылат. Экинчи учурунда күйүү камерасында орнотулган буу генераторунда буу пайда болот да, ал ысыткычтан буу турбинасына берилет.

БУУДАЙ (Triticum Z) — дандуулар тукумуна кирүүчү бир жылдык негизги азык эгини. Б-дын 20га жакын түрү бар. Ал Алдынкы Азия м-н Египетте б. з. ч. 6—4 миң жыл мурда эле белгилүү болгон. Дыйканчылыкта Б-дын жумшак ж-а катуу түрлөрү кеңири пайдаланылат. Сабагы бир нече муунактан туруп, чач тамырлуу, гүл тобу машак, уругу дан, машагы кылкандуу ж-а кылкансыз болуп, көп гүл байлайт. Б.— өзүн өзү чаңдатуучу өсүмдүк. Даны саргыч, кызгылт, жара болгондо агыш же айнектей тунук. Б. өсүшүндө өнүү, түптөнүү, өзөк байлоо, машактануу, гүлдөө ж-а бышуу фазаларынан өтөт. Ал күздүк, жаздык ж-а чала күздүк формаларга бөлүнөт. Жаздыкка караганда күздүк буудай түшүмдүү. Ал 1—3° жылуулукта өнүп, өнүмү —6°, —8°, айрым күздүк сорттору —30°ка чейинки суукка чыдайт, кургакчылыкка байымсыз келет.



Буудай: *1*—кыргыз юбилей сорту; 2—кыргыз 16 сорту.

Б-дын дүң түшүмү ж-а айдоо аянты б-ча СССР дүйнөдө 1-орунда. Аянты ж-а дүң түшүмү жагынан жаздык Б. көбүрөөк, ал негизинен Каз-нда, Сибирде, Уралда ж-а Поволжьеде айдалат. Күздүк Б. Украина, Түп. Кавказ, Борб. кара топуракту областтарда кеңири таралган. Б. Кыргызстанда бардык жериңде (60% кайрак) өстүрүлөт. Б-дын 70%тен көбүрөөгүн күздүк өзөлейт. Ал топурак тандап өсөт, шор, саздак жерге начар чыгат. Вегетация мезгилинде 2—3 жолу сугарылат. Которуштуруп айдоодо беде, эспарцет, буурчак, жүгөрү ж-а кызылчадан кийин эгилет. Б-ды башка дан эгиндеринин ичинде өстүрүүгө болбойт, жер айдоо алдында азот ж-а фосфор семирткичтери чачылат. Күздүк буудайды эрте жазда көшүмча азыктандыруу түшүмдү арбытат.

Респ-када күздүк буудайдын «безостая 1», «кавказская», «кыргыз 16», «пржевальск» ж. б.; жаздык буудайдын «кыргыз юбилей», «жаңы буудай», «казакстан 126», «эритроспермум 841» ж. б. сорттору өстүрүлөт. Күздүк буудайдын жаңы «пржевальск» сортунун гектарынан 1973-ж. 110,4 *ц* ден түшүм алынды. 1975-жылы Б-дын орточо түшүмү ар гектарынан 22 *ц* ден айланды. Күздүк буудай сент.— окт., жаздыгы февр.— март айларында себилип, дүмбүл болуп бышканда оруп-жыйнала башталат. Б-дын данында 15—26% белок бар. Андан ар түрдүү ун, акшак, макарон, крахмал ж. б. азык-түлүк даярдалат; улпагы, саманы тоют ж-а төшөлгө катары пайдаланылып, ө. ж-да түрдүү буюмдар жасалат.

БУУЛАНТКЫЧ — суюктукту бууландырып жылуулук алмаштыруугa ылайыкталган аппарат. Жылуулук энергетикасында Б. буу иштелүүчү установкада конденсация учурунда сарп кылынган энергияны тазартылган суунy алуунун эсебинен толуктайт. Б. буу турбинасында иштетилип, түтүктөрдүн арасындагы бөштуктан өтүүчү буу ж-а казан агрегатынан чыгуучу түтүн м-н ысытылат. Б. деңиз суусун туздан тазалоо, муздаткыч камераларын муздатуу иштеринде ж-а бууландыруучу аппараттарда колдонулат.

БУУЛАНТМА — күздүк же жаздык эгинди эгүү үчүн даярдалган которуштурып айдоо талаасы. Ал жердин отоо чөптөн арылышына, ным ж-а азык заттарды жыйнашына шарт түзөт. Б. таза, тосмолуу, эгилме, сидералдуу болуп бөлүнөт. Таза Б. каксоо ж-а кайрак жерлерде кеңири колдонулат. Мында күзүндө кыртыш коңторо айдалат да, жыл бою ным сакталып, арбын түшүм алынат. Ага көбүнчө күздүк ж-а жаздык эгилет. Топуракта азык заттар аз болсо, сидералдуу Б. жүргүзүлөт. Бул учурда эгилген өсүмдүк жыйналып алынбастан, коңторуп айдалып ташталат. Кыртышты отоо чөп басып кетсе, эгилме Б. колдонулат. Кырг-нда эгилме Б. пайдаланылат, бул туруктуу ж-а мол түшүм алууну камсыз кылат.

БУУЛАНТУУ — эритмени кайнатуу (эрткичти буулантуу) жолу м-н концентрациялоо. Б-да эритменин концентрациясы, тыгыздыгы, илээшкектиги ж-а кайноо темп-расы жогорулайт. Эгер эритме өтө каныккан болсо, эриген зат чөкмө түрүндө бөлүнөт. Эритменин кайноо темп-расы ар дайым эрткичтин кайноо темп-расынан жогору болот. Алардын айырмасы темп-ралык **депрессия** деп аталат. Ал эриген заттын концентрациясы ж-а тышкы басымдын көбөйүшү м-н жогорулайт. Б. жылуулуктун таасири м-н жүрөт; 200°Сге чейин суу буусу, андан ашык темп-ра керек болсо, жог. темп-рада кайноочу суюктуктар (дифенил аралашмасы, май), ысытылган газдар пайдаланылат. Б. атмосф. төменкү же жог. басымда ж-а атайын буулантуучу вакуум-аппараттарда жүргүзүлөт. Б. процесси хим. ж-а тамак-аш ө. ж-да кеңири колдонулат.

БУУЛАНТУУЧУ УСТАНОВКА — жылуулук станцияларында ж-а бууну керектөөчүлөрдө коромжу болгон конденсаттын ордун толуктоочу аппараттар м-н түзүлүштөрдүн жыйындысы. Хим. таза суу буулантыкчтарда буулантылып, анан беттик муздаткычтарда конденсацияланат. Ысытуучу буу түтүктөрдүн арасына берилип, буулантылуучу суу түтүктүн ичинде болгон буулантыкч — суу түтүктүү, ал эми ысытуучу буу түтүктүн ичинде болсо, буу түтүктүү буулантыкч деп аталат. Горизонталь абалдагы буулантыкч буу түтүктүү, вертикаль абалдагысы суу түтүктүү болот. Б. у. бир же көп баскычтуу болуп жасалат. Жылуулук станцияларында 1—2 баскычтуу Б. у. колдонулат. 2 баскычтуу Б. у-нын буулантуу б-ча өндүрүмдүүлүгү 12 *т/с* ка жетет.

БУУЛАНУУ — суюк же катуу заттардын газ абалына — буугa өтүшү. Суюктуктун буугa айланышы — Б., ал эми катуу заттын буугa өтүшү **возгонка** же **сублимация** деп аталат. Темп-ра жогорулаган сайын молекулалардын жылуулук кыймылы күчөп, Б-нун ылдамдыгы өсөт. Жабык идиштеги Б. берилген турактуу темп-рада суюктуктун (же катуу заттын) үстүндөгү бош мейкиндик каныккан буугa толгончо жүрөт. Темп-ра жогорулаган сайын каныккан буунун басымы да көбөйөт. Каныккан буунун басымы атмосф. басымына барабар болгондо кайноого өтөт. Б. техникада заттарды тазалоодо ж-а суюк аралашмаларды буулантып бөлүүдө колдонулат. Буу энергетикасы, муздаткыч установкалардын иштеши ж-а заттарды кургатуу процесстери Б-га негизделген. Табигый шартта Б. океан ж-а жер бетиндеги нымды атмосферага көтөрүүдө ж-а жер шарындагы суунун айланууусунда чоң роль ойнойт.

Лит.: **Константинов А. Р.,** Испарение в природе, Л., 1963.

БУУЛАП ТАЗАРТУУ — текстиль ө. ж-да кездемени буу м-н иштетүү. Б. т. кездемеге тур салынгандан кийин, аны хим. жол м-н тазалаганда, бөбөгондо жүргүзүлөт. Тур салган кездеменин боёгу ачык болуп, өчпөсүн үчүн Б. т. колдонулат. Кездемени хим. жол м-н тазалаганда, ал адегенде шакардын эритмесине салынып, андан кийин буугa кармалат. Б. т. процесси дат баспай турган болот компенсатордо (2,5 *т* кездеме бата турган) иштелет. Жип ийрүү өндүрүшүндө жип түйүндөрүн болтурбоо үчүн түрмөк жип нымдуу буу толтурулган буулантыкч камерага салынат. Ишти ылдамдатууда буу басым аркылуу жиберилет.

БУУНУ БӨЛҮШТҮРҮҮ — бууну буу машинанын цилиндрине берүү ж-а кайра чыгаруу процесстерин башкаруу ыкмасы. Б. б. поршендин белгилүү бир так кыймылына жараша цилиндрдин киргизүүчү ж-а чыгаруучу каналдарынын кезектешип ачылышы ж-а жабылышы м-н ишке ашырылат. Поршендин кыймылга келтирилишине карата Б. б. золотниктүү, клапандуу ж-а крандуу болуп айырмаланат. Түзүлүшү жөнөкөй ж-а ишенимдүү болгондуктан. золотниктүү Б. б. кеңири пайдаланылат.

БУУНУ ӨТӨ ЫСЫТКЫЧ — казан агрегатындагы бууну кургатуучу ж-а өтө ысытуучу аппарат. Суюктук буугa айланып каныккан буу пайда болгондо, ал буу кургатылып, б. а. буудагы ным жок кылынып, андан кийин өтө ысытылат. Б. ө. ы. көбүнчө ысыкка чыдамдуу түтүктөрдөн жасалат да, буу казанынан кийин коюлат. Иштөө аракеттерине жараша ал рационалдуу, конвекциялуу ж-а комбинациялаштырылган Б. ө. ы. болуп бөлүнөт.

БУУНУН ЖАНА ГАЗДЫН СЕРПИЛГИЧТИГИ (атмосферада) — буунун ж-а газдын молекулаларынын кагылышуусунан пайда болгон басым. Б. ж-а г. с-нин катуу ж-а суюк заттардын чыныгы серпилгичтиги м-н алмаштырбас үчүн «Б. ж-а г. с.» деген термин колдонулуп келген. Азыркы кезде бул термин аз колдонулат. Ал — атмосферадагы көлөм бирдигиндеги суу буусунун санына көз каранды ж-а абанын нымдуулугун мүнөздөөчү чондук.

БУУРА — жылысы жетик эркек төө. Ал ингенге караганда ирдүүрөөк келип, чууда-тыбыты, жүнү көбүрөөк болот. Тирүүлөй салм. 500—800 *кг*. Б-дан 13 *кг*, айрымынан 20 *кг* га чейин сапаттуу тыбыт (85%) тонолот. Б. янв.— апр. айларында кирип, 2—3 асыйынан баштап инген кайтылат.

Куутка жараксыз Б. бычылат. Бычмал Б. *атан* деп аталат.

БУУРАКАН — Ош обл-нын Токтогул р-нундагы Өзгөрүш сельсоветине караштуу кыштак. «Үч-Терек» с-зунун аймагында. Р-ндун борбору Токтогулдан 50 *км* түш.-чыг. тарапта, Таш-Көмүр т. ж. станциясынан 140 *км*. Калкы 708 (1974). Сегиз жылдык мектеп, медпункт бар.

БУУРУЛ ТҮН — кечки ицир м-н эртең мененки таң шооласы дал келип, түн бою байкалуучу жарык түн. Б. т. жайдын саратан (22-июнда) учурунда түн. жарым шардын 59,5° кеңдигинен түндүккө карай ж-а кыш чилдесинде (22-декабрда) түш. жарым шардын үшүндай эле градусундагы кеңдиктен түштүккө карай жайгашкан жерлерде байкалат.

Узактыгы түрдүүчө. Мис., Ленинградда 11-июндан 2-июлга, Архангельскиде 13-майдан 30-июлга чейин созулат.

БУУРСУН — дыйканчылыктагы эң жеңекей эмгек шайманы. Археол. маалыматтар б-ча, 7—8-к-дарда пайда болгон, жазма даректерде 14-к-да эскерилет. Аны кыргыздар да пайдала-



Буурсун.

нып келишкен. Б. үчүн чыканак сымал ийрейип өскөн катуу жыгач тандалып алынып, анын кыска ачасына коло, чоюн же темир тиш бекитилет. Узун ачасынан илмекче чыгарылып, ага унаага чиркөөчү ок жыгач бекитилет. Б-га чегилген унааны бир адам жетелеп, экинчиси Б-дун туткасын 2 колу м-н жерге бек ныгыра кармап, артында жөнгө салып жүрөт. Б-га чегилүүчү унаа негизинен өгүз ж-а ат болгон. Б. өтө жеңекей болгондуктан, аны м-н жерди иштетүү да тийиштүү деңгээлде болгон эмес. Кыртыш терең иштетилбей, үстүртөн тилинип, ага эгилген эгиндин өсүшү начар, түшүмү аз болгон. Темир соко чыккан соң Б. аз колдонулуп калды. Азыр СССРдин а. ч-сы кубаттуу, жогору өндүрүмдүү техника м-н куралданган кезде Б-ду музейлерден гана көрүүгө болот.

БУУРЧАК (pisum) — чанактуу өсүмдүктөрдүн тукумуна кирүүчү бир ж-а көп жылдык өсүмдүк. Ал б. з. ч. 4-к-да эгиле баштаган. Б-тын мекени — Чыг. Афг-н м-н Түп.-Бат. Индия. Анын 6—7, СССРде 5—6 түрү белгилүү, негизинен эгилме Б. кеңири та-

ралган. Анын сабагы кыр, жапырылма, жалбырагы көк же когүлтүр, гүлү ак, кызгылт, ар бир чанагында 3—11 даны болот. Даны ак саргыл же жашыл, жылмакай же бүдүрлүү. Б. ным жетиштүү жерде жакшы өсөт, гектарына 1,5—2,5 *ц* ден үрөн себилет. Уругу 1—2° жылуулукта өнүп, өнүмү 5—10° суукка туруштук берет. Б-тын тамырында гектарына 50 *кг* азот топтолот (жылына). Аңы-



Буурчак: *А*—акталма сорту, *Б*—капттуу сорту.

зына дан эгиндери м-н тех. өсүмдүктөр жакшы чыгат да, алардан мол түшүм алынат. Ал отолмо өсүмдүктөрдүн аңызына эгилет. 2—3 жолу сугарылат, төмөнкү чанактары саргарып, ката баштаганда оруп жыйналат. В. СССРде, көбүнчө борб. кара топурактуу ж-а кара топураксыз зоналарда, Волга бою, Украина, Балтика бою, Урал, Сибирде эгилет. Кырг-нда анын «романский 77», «штамбовый 2», «уладовский 303» ж-а «жегалова» сорттору өстүрүлөт (Ысык-Көл өрөөнүндө). Б-та 22—34% белок бар. Ал азык-түлүк ж-а тоют катары пайдаланылат. Зыянкечтери: буурчак данчысы, тамырчыл шиш тумшук, буурчак бити. Илдеттери: аскохитоз, дат, чаңгыл кебер.

БУУРЧАК ӨСҮМДҮКТӨРҮ — чанактуу өсүмдүктөр тукумуна кирүүчү дан эгиндер. Дүйнө б-ча дыйканчылыкта алардын 60тан ашык түрү белгилүү. Алардын ичинен буурчак, маш буурчак, тоо буурчак, жасмык, соя ж-а жер буурчак кеңири таралган; кой буурчак, чина ж. б. аз кездешет. СССРде Б. ө. дан үчүн бардык зонада эгилет. Гектарынан 15 *ц* түшүм алынат. Данында белок көп. Б. ө-нүн акшагы м-н унунан нан, макарон, консерва ж. б. жасалат. Соя м-н жер жаңгагынын майы техникада, соя медицинада керектелет. Б. о. тоют катары да пайдаланылат, анын аңызында азот көп топтолот. Анткени алардын тамырында азотту пайда кылуучу бактериялар жашайт. Буурчактын, жер буурчактын ж-а чинанын үрөнү 1—2°, маш буурчактыкы 3—4°, тоо буурчак м-н соянык 10° жылуулукта өнөт. Тоо буурчак м-н соя суукка чыдамсыз; буурчак, чина, жер буурчакты ж. б. 4—5° суукта үшүк албайт. Кой буурчак м-н чина кургакчылыкка чыдамдуу. Соя, маш буурчак нымды көп керектейт. Б. ө. көбүнчө бир аз кум-чополуу, кумдак топурактуу жерге өстүрүлөт. Алар өзүнчө же дан эгиндер м-н аралаш айдалат. Жер терең айдалып, себүү алдында культивацияланат. Жасмык, жер буурчак кууш, тоо буурчак, соя, маш буурчак, кой буурчак ж. б. кең катарлап себилет. Фосфор жер семирткичтерин колдонгондо, түшүмү бир кыйла жогорулайт. Буурчак, жасмык — чапкыч машина, соя, кой буурчак ж. б. комбайн м-н орулуп жыйналат. Ысык-Көл м-н Чүй өрөөндөрүндө буурчак, Ош обл-да кой буурчак эгилет.

БУФЕРДИК ЭРИТМЕЛЕР, буфердик системалар — концентрацияланганда, суюлтканда, о. эле кислотаны же жегичти бир аз санда кошкондо pH тын (суутектик көрсөткүч) маанисин өзгөртпөй турган, белгилүү концентрациядагы суутектин иондору бар эритмелер. Алар күчсүз кислотанын ж-а анын тузунун (CH_3COOH ж-а CH_3COONa) же күчсүз негиздин ж-а анын тузунун (NH_4OH ж-а NH_4Cl) аралашмасынан түзүлөт. Б. э-ди суюлтканда pH дээрлик өзгөрбөйт. Алар түрдүү хим. изилдөөлөрдө, аналит. химияда колдонулат. Чөктүрүү, бөлүү, экстракция процесстери белгилүү pH бар эритмелерде өтөт. Б. э. организмде өтүп жаткан процесстерде чоң роль ойнойт, анткени бул процесстердин көпчүлүгү белгилүү pH чөйрөдө гана өтөт. Кандын pH чөйрөсүн карбонаттардан ж-а фосфаттардан турган Б. э. кармап турат.

БУФФАЛО — АКШнын түн.-чыгышында, Нью-Йорк штатындагы шаар. Эри көлүнүн жээгиндеги деңиз кемелери кире алуучу ири порт, жолдор тоому. Калкы 458 миң (1970). Башкы ө. ж. тармактары: кара металлургия, машина куруу (автомоб. ж-а самолёт куруу, электротех. жабдуулар), хим. ж-а тамак-аш. Ун-т (1846), табият таануу, илим коомунун музейи, Олбрайттын сүрөт галереясы бар.

БУФФОНАДА (итал. buffonata — тамаша, маскарапоздук) — актёрдук (көбүнчө комедиялуу) оюндун ыкмасы. Б. байыркы гректердин элдик театрларында, орустун скоморохторунун оюндарында пайда болгон. Ал Аристофан, Шекспир, Мольер, Гоголь ж. б. драматургдардын чыг-да да кездешет. Б-нын элементтери кыргыз куудулу Ш. *Термечиковдун* чыг-да болгон.

БУХАРА — Өзб-ндын Бухара обл-нын борбору (1938-жылдан); Заравшан д-нын төмөнкү агымында, Бухара оазисинин орто бөлүгүндө, Шахруд каналынын боюнда. Калкы 112 миң (1970).

Археол. маалыматтар б-ча, б. з. 1-к-нан мурда негизделген. 709-ж. арабдар басып алган. Б. ошондо эле О. Азиядагы соода, кол өнөрчүлүк ж-а маданият өөрчүгөн шаар экен. Анын калкы Иран, Индия, Кытай ж. б. өлкөлөр м-н соода байланышта турган. 9—10-к-да Б-ны *Саманилер* каратып, өздөрүнүн зор мамлекетине борбор кылган. Шаарды 1220-ж. *Чынгысхан*, 1370-ж. Тимур басып алган. 16-к-дын башында Б. көчмөн өзбектердин ээлигине өтүп, Шейбанилер мамлекетинин баш калаасы болот. 16-к-дын ортосунан *Бухара хандыгынын* борбору. 16—17-к-да Б. Россия, Кытай, Индия, Иран м-н соода жүргүзгөн.

Кол өнөрчү калкы көп Б-да антифеод. ири көтөрүлүштөр чыгып турган. 17—18-к-да Б-га перс шахтары ж. б. баскынчылар бир нече жолу жапырып кирген. Б. 1868-ж. Россия империясынын составына кошулган. 1920-ж. 2-сентябрда элдик көтөрүлүш чыгып, Бухара эмираты кулаган; ошол жылы 14-сентябрда Б-да Бүткүл бухаралык ревком, Эл назирлеринин (комиссарларынын) Совети түзүлгөн, 8-октябрда шаар *Бухара Советтик Эл Республикасынын* борбору деп жарыяланган. 1924—25-ж. Заравшан округунун борбору.

Совет бийлигинин тушунда Б. областтын ири ө. ж. ж-а маданий борборуна айланды. Каракүл көрпө (СССРдеги эң ири), пахта тазалоо, май з-ддору, кийим тигүү, кездеме токуу ж-а жибек түрүү ф-калары бар. Жаңы эт комбинат салынган (1969). Курулуш материалдарын чы-



Бухара. Заргарон мунаралары. 16-к.

гаруу ө. ж-ы ж-а металл иштетүү өнүгүүдө. Илгертен келаткан кол өнөрчүлүк (жибек токуу, зергерчилик ж. б.) да улантылууда.

Б. даңазалуу архит. эстеликтерге бай. Анда өзүнчө ансамбль түзгөн Исмаил Саманинин күмбөзү (9—10-к.), Калан мунарасы (1127), Магоки Аттор мечити (12-к.), Улугбек медресеси (1417—18), Калян мечити (1514), Мир Араб медресеси бар. Байыркы, О. кылымдагы, 17—18-к-дагы ар кыл архит. эстеликтер Б-ны музей-шаар кылып турат. Сов. доордо шаар кайрадан жаңырып, түрдүү мекемелер, турак жай үйлөрү көп курулду. 1964-ж. Б-ны жакшыртуу, кайра куруу планы бекитилди. Шаарда пед. ин-т, Ташкен политех. ин-тунун жалпы тех. ф-тети, муз. драма театры ж. б. бар.

Ад.: Ишанов А. И., Бухарская Народная Советская Республика, Таш., 1969; Бухара. Краткий справочник, 4-изд., Таш., 1968.

БУХАРА КАБАТТАРЫ — Алай, Чоң Алай кырка тоолорунда ж-а Фергана өрөөнүндө кезиккен палеоген мезгилинин башталышында пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары. 1947-ж. О. С. Вялов буларды өз алдынча *геологиялык кабат* деп бөлүүнү сунуш кылган. Алай ж-а Чоң Алай кырка тоолору негизинен акиташ тегинен турат, айрым жерлерде гипс, акиташтуу чопо бар. Фергана өрөөнүндө алардан башка доломит; кош симметриялуу ж-а *өөк буттуу үлүлдөрдүн* ташка айланган калдыктары кездешет. Б. к-нын калыңд. 20—40 *м*, айрым жерлерде 78 *м* ге жетет. Кээ бир жердеги Б. к-нда нефть кендери бар.

Ад.: Геология СССР, т. 25, кн. 1, М., 1972.

БУХАРА ОБЛАСТЫ — Өзбек ССРиндеги область. 1938-ж. 15-январда түзүлгөн. Заравшан д-нын төмөнкү агымы м-н Кызыл-Кум чөлүнүн түш. бөлүгүндө. Аянты 143,2 миң $км^2$. Калкы 934 миң (1970). Б. обл-нда 11 район, 3 шаар, 9 ш. т. посёлок бар. Борбору — *Бухара*. Областтын жеринин бети түн.-батышка жантайыңкы, дөңсөөлүү (Тамды-Тоо, бийикт. 922 *м*; Букен-Тоо 764 *м*, Кулжук-Тоо 785 *м* ж. б.), көпчүлүк бөлүгүн Кызыл-Кум чөлү ээлейт. Түш. бөлүгүндө Заравшан өрөөнү жатат. Областтын аймагынан нефть, газ, гипс, сульфат, кайнатма туз, асбест, графит, мрамор казылат. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы түндүгүндө — 8°С, түштүгүндө —2°С, июлда 28—30°С; жылдык жаан-чачыны 125—175 *мм*. Башкы д-сы — Заравшан. Областтын батышынан Аму-Дарыя агып өтөт. Сугат райондорунун кыртышы (жер фондусунун 1,6%) шалбаалуу, аллювийлүү, саздуу шалбаа, калган жерлери кумдак ж-а күрөң боз топурактуу. Өсүмдүктөрү — жантак, соксоол, буудайык, шыбак; айбанаттары — бөкөн, карышкыр, түлкү ж. б.

Калкынын 75%ке жакыны өзбек, орт. жышт. 1 $км^2$ ге 6,6 киши. Ири шаарлары: Бухара, Каган, Навои. Областтын чарбасынын башкы тармактары: жеңил ө. ж. (пахта тазалоо, кездеме токуу, тигүү, жибекчилик, каракүл з-ду) ж-а газ м-н нефть казып алуу. Газ, нефть кендери ачылганга байланыштуу Бухара — Урал, Бухара — Самаркан — Ташкен ж-а Бухара — Чымкен, Жамбыл — Фрунзе — Алматы газ түтүктөрү курулду. Мал чарба продукциясынын 80%ин көрпө алынуучу кой чарбачылыгы түзөт. Сугат райондордо сүт багытындагы, жарым чөл ж-а талааларда эт багытындагы уй өстүрүлөт. Т. ж.-дун жалпы уз. 648 *км*, Красноводск-Ташкен ж-а Ташкен-Дүйшөмбү т. ж-дору Б. о. аркылуу өтөт; шоссе жолдорунун уз. 2656 *км*.



БУХАРА ХАНДЫГЫ 16–19 кк.

БУХАРА СОВЕТТИК ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫ (БСЭР) Бухара хандыгында 1920-ж. феодалдарга ж-а буржуазияга каршы багытталган элдик-демокр. рев-янын жеңишинен улам пайда болгон. 1920-ж. 2-сентябрда Бухара эмир бийлиги кулап, жумушчу-дыйкандардын рев-чыл. демокр. диктатурасы орнотулган; 1920-ж. 8-октябрда Бухара хандыгы БСЭР болуп жарыяланган. Басмачылардын жоголушу, эзүүчү таптардын кысымга алынышы, сов. улут кадрларынын өсүшү, Бухара компартиясынын эл арасында кадыр-баркка жетиши, РСФСРдин көп жактуу жардамы, союздаш башка респ-калар м-н байланыштын күчөшү БСЭРдин соц. респ-кага айланышына өбөлгө түзгөн. БСЭР Советтеринин 5-курултайы (1924, 18—20-сент.) респ-каны социалисттик деп жарыялап, анын СССРдин составына кошулушу ж-дө чечим кабыл алган. БСЭР Орто Азия советтик республикаларынын улуттук мамлекеттик чек араларын белгилөөгө байланыштуу жоюлуп, анын терр-ясы жаңы түзүлгөн Өзбек ж-а Түркмөн ССРлеринин, о. эле Тажик АССРинин составына кирген.

Ад.: Исторический опыт строительства социализма в республиках Средней Азии, М., 1968; Путь Бухары и Хивы к социализму (История Бухарской и Хорезмской народных советских республик), М., 1967.

БУХАРА ХАНДЫГЫ — О. Азиядагы (азыркы Өзб-н м-н Таж-ндын аймагындагы) феод. мамлекет. Ал 16-к-да Тимурилер мамлекети ыдырап кеткен чакта Шейбани-хан тарабынан негизделген. Хандыктын борбору 16-к-дын аягында Самаркандан Бухарага көчүрүлгөн. Ошондон кийин ал Б. х. деп атала баштаган. Шейбанилер тукумунан чыккан Абдулла-хан IIнин (1557—98) тушунда Б. х. аябай күчөп, аймагын кеңейткен. Шейбанилердин сурагы Абдулла-хан II өлүп, кийин анын уулунун өлтүрүлүшү м-н бүткөн. Андан соң *Аштарханилер* сураган (1599—1753). Бул доордо Б. х. Иран, Хива хандыгы, казактар м-н согушуп турган. 1740-ж. Б. х-нын көп жерин Иран шахы Надирдин аскерлери басып алган. Надир-шах өлгөндө (1747) жерг. феодалдар арасында кайрадан чыр-чатак башталып, натыйжада Мангыт уруусунан чыккан Мухаммед Рахим бийликке келген. Ал өзүн 1753-ж. эмир деп жарыялаган. Ошондон тартып Б. х. Бухара эмираты деп атала баштаган. Мангыт тукуму бийлеп турганда Б. х. Хива ж-а Кокон хандыктары, карамагындагы айрым бектиктер м-н тынымсыз согуш жүргүздү. Бул согуштар, ич ара чыр-чатактар, элдик көтөрүлүштөр (мис., 1821—25-ж. кытай-кыпчак көтөрүлүшү) Б. х-н тукулжуратты. 1868-ж. эмир аскерлери орус армиясынан жеңилгенде, Б. х. Россия империясына вассал мамл. катары кошулду. 1920-ж. 2-сентябрда Бухарада элдик көтөрүлүш чыгып, аны Кызыл Армия колдоп, натыйжада эмир бийлиги кулады; ал эми 8-сентябрда *Бухара Советтик Эл Республикасы* жарыяланды.

БУХАРА-ГАЗЛИ НЕФТЬ-ГАЗ РАЙОНУ — Өзб-ндын бат. бөлүгүндө нефть м-н газ кендери жайгашкан ири аймак. Ал Аму-Дарыя өрөөнүнөн орун алып, мезозой заманында жаралган чөкмө тоо тектерден түзүлгөн. Арасында мергель катмарлары бар акиташ тектеринде нефть м-н газ топтолгон. Райондон Газли, Шорчи, Ак-Жар, Жаркак, Кароол-Базар, Сары-Таш,

Зекры, Шор-Төпе, Түн. Мубарек, Түш. Мубарек, Карабанр ж-а Каракатай сыяктуу составы 6-ча бири бирине айырмалуу нефть, газ кендери табылган. Алардын ириси — Газли нефть-газ кени. Андагы газ запасы 500 млрд. $м^3$, нефтиники 5 млн. т га жакын (1967). Кендерден чыккан нефтиден жог. сапаттуу керосин, дизель майы, реактивдүү отун (Шор-Төпе, Түш. Мубарек) алынат. Райондун газы Урал, Түш. Каз-н, РСФСРдин борб. белүгүнө (Бухара—Урал—Борбор газ түтүгү м-н) ж-а О. Азия респ-каларына (Бухара — Ташкен — Фрунзе — Алматы газ түтүгү аркылуу) жиберилет. Нефть м-н нефть хим. продуктуларын О. Азия респ-калары керектейт.



Бухарест. Министрлер Советинин үйү.

БУХАРЕСТ, Букурешти — Румын Соц. Респ-касынын саясий-админ., экон. ж-а ил.-маданий борбору. Төменку Дунай ойдуңунун борб. бөлүгүндөгү Дымбовица д-нын жээгинде жайгашкан. Аянты 970 $км^2$. Калкы 1,6 млн. (1971).

Б-тин аймагында палеолит мезгилинде эле адам жашаган. Шаардын азыркы аты 14-к-дан белгилүү. 1659-жылдагы жазууларда Б. чеби аскерилет. Түрктөрдүн кол салышынан Валахияны коргоо үчүн чепти господарь Влад Цепеш курдурган. 1659-жылдан Б.— Валахиянын, 1861-жылдан Румыниянын борбору. 1-дүйн. согушта немец аскерлери басып алган (1916-ж. 6-дек.). 1941-ж. июнда Б-ке немец паш. аскерлер киргизилген. 1944-ж. 23-августта элдик куралдуу көтөрүлүш чыгып, шаар гитлердик оккупациядан бошотулган. Б-те 1947-ж. Румын Эл Респ-касы, 1965-ж. июлда Румын Соц. Респ-касы жарыяланган.

Б.— Дунай алабындагы өлкөлөрдү ж-а Борб. Европаны Кара деңиз, СССР ж-а Ж. Чыгыш өлкөлөру м-н байланыштыруучу трансевроп. магистралдын кесилишкен жеринде, 7 т. ж. ж-а бир нече шоссе жолдун тоому. Эл аралык ж-а ички авиация байланыштарынын ири борбору. Б-те өлкедегү ө. ж. продукциясынын $^1/_6$ бөлүгү чыгарылат. Башкы ө. ж. тармактары: машина куруу ж-а металл иштетүү (ө. ж. продукциясынын 29,4%), тамак-аш (19,3%), токуу (13%), химия (11%), тигүү (7,2%), булгаары-бут кийим (4,2%). Түстүү ж-а кара металлургия, курулуш материалдар, айнек-фарфор, жыгач иштетүү, целлюлоза-кагаз иштеп чыгаруучу ө. ж. ишканалары бар. Дымбовица д-нын сол жээгине эски шаар, Куртя-Веке чиркөөсү (1559) жайгашкан. Дарыянын оң жээгине Михай-Водэ чиркөөсү (1589—91), Патриаршай (1654—58), Атенеум (1886—88) архит. эстеликтери салынган. 1952-ж. Б. шаарынын ген. планы кайра каралып, «Скынтейя» үйү (1948—53), опера-балет театрынын имараты (1953), Чишмиджиу, Свобода, 23-Август парктары ж-а эс алуу жайлары курулган. Б-те ИА, ун-т, ин-ттар, консерватория, ил. из. ин-ттары, ондогон музейлер бар.

БУХАРЕСТ ТЫНЧТЫК ДОГОВОРЛОРУ (1913, 1918). 1913-ж-дагы договор 2-Балкан согушун аяктаткан, [к. *Балкан согуштары (1912—13)*] 10-августта Бухаресттө бир тараптан Болгария, экинчи тараптан Сербия, Черногория, Греция ж-а Румыниянын ортосунда түзүлгөн. Б. т. д. б-ча Болгария Румынияга Түш. Добруджаны, Грецияга Македониянын түш. бөлүгүн (Эгей деңизиндеги Салоники ж-а Кавала портторун кошуп) ж-а Бат. Фракиянын бөлүгүн, Сербияга Түн. Македонияны дээрлик берүүгө аргасыз болгон. Болгариянын германдык блокто 1-дүйн. согушка кириши м-н (1915-ж. окт.) договор жоюлган.

1918-ж-дагы договор — 1915-жылдагы *Төрттүк союз* (Герм., Австр.-Венгрия, Болг. ж-а Турция) м-н Румыниянын ортосундагы договор. 1918-ж. 7-майда түзүлгөн. Договор б-ча Румыния Австр.-Венгрияга стратег. мааниси бар, токойго ж-а кенге бай чек ара участогун берүүгө аргасыз болгон. Түш. Добруджа Болгарияга кайтарылган. Түн. Добруджага Германия коалициясына кирген державалар үстөмдүк кылмай болгон. Мына ушунун натыйжасында Румыния деңизге чыгуу мүмкүндүгүнөн ажыраган. Румыния Совет мамл-не интервенция жасоо үчүн Румын терр-ясы аркылуу отүүчү австр.-герм. аскерлерди толук колдоого милдеттенген. Германдык блок болсо Бессарабияны Румыниянын басып алышына уруксат берген. Б. т. д. Германияга румын нефть кендерин пайдалануу укугун, ал эми ошол нефть продукцияларын сатууда монополдук берди, борб. державаларга а. ч. продуктуларынын «ашыгын» берип турууга Румынияны милдеттендирди. 1-дүйн. согушта *Төрттүк союз* жеңилгенден кийин Румыния Б. т. д-н ратификациялоодон баш тартты. Договор 1919-жылдагы Версаль договору б-ча жоюлду.

БУХАРЕСТ ТЫНЧТЫК ДОГОВОРУ (1812) Россия-Турция согушун (1806—12) бүтүргөн. 16(28)-майда Бухаресте кол коюлган. Турциянын өкүлү кечиккеткенге аракет кылса да, орус армиясынын башкы командачысы М. И. *Кутузов* сүйлөшүүлөрдү Наполеон I Россияга кол салганга бир ай калганда бүтүрүүгө жеткишкен. Натыйжада Россиянын түш. чек арасы кооюсу болуп, Дунайдагы армияны бат. чек араны бекемдөө үчүн пайдалануу мүмкүндүк түзүлгөн, Турция Францияга союздаш болбой калган. Договор б-ча, Россия м-н Турциянын чек арасы Прут д-сы (мурда Днестр эле) м-н чектелип, Бессарабия Россияга өткөн. Россия Кара деңиздин Кавказ жээгинен 1-жолу деңиз базасына ээ болгон.

БУХГАЛТЕРИЯ (нем. Buchhalter — бухгалтер, Buch—китеп ж-а halten—кармоо)—1) бухг. эсепти жүргүзүү; 2) ишкананын, уюм м-н мекеменин эсеп-кысап болуму. Б. ишканаанын өндүрүш каражаттарын сарптоону, кредитти, ишкананын сырьё, материал, тех. м-н жабдылышын, эмгек чыгымын, даяр продукция сатуудан түшкөн каражатты, аласа-бересе ж. б-ды эсептейт, ишкананын бухг. балансын, отчётун түзөт. Ишкананын башкы Б-сы болот, айрым цех, складында бухг. эсептөө топтору иштейт. Алардын иши башкы Б-нын контролу астында жүргүзүлөт. Б-нын негизги милдети — өндүрүш планынын аткарылышына баа берүү ж-а өндүрүш резервин табуу, каражаттын туура пайдаланылышын, коомдук менчиктин түгөлдүгүн, финансы ж-а смета тартибинин сакталышын камсыз кылуу.

БУХГАЛТЕРИЯЛЫК БАЛАНС—бухг. отчёттун негизги формасы. Бул аркылуу чарбанын белгилүү убакыттагы бардык каражаттарынын баасы аныкталат. СССРде бардык ишканалар ж-а мекемелер үчүн көрсөткүчтөрү бирдей Б. б. жүргүзүлөт. Мамл. ишканаанын иши ж-догу Б. б. СССР финансы мин-восу м-н Борб. статистика башкармасы бекиткен форма б-ча түзүлөт. Б. б. актив ж-а пассив болүктөрүнөн турат. Ишканаанын каражаттары составы б-ча актив болүгүндө, түзүлүшү б-ча пассив болүгүндө көрсөтүлөт. Б. б-тын актив болүгүндө негизги ж-а айланма каражаттар көрсөтүлөт. Пассив болүгүндө мамл. банк кредити, атайын фонд, кредит карызы, капиталдык ремонтко жумшалуучу каражат бухгалтары ж. б. чагылдырылат. Б. б-тын көрсөткүчтөрүн түзүү бардык өндүрүш каражаты м-н убагында жабдылганын, эсептешүү абалын көрсөтүп, ишканаанын финансы абалын баалоого мүмкүндүк берет. Аны финансы уюмдары, мамл. банк мекемелери ж-а жог. жетекчи уюмдары күнделүк ишинде кеңири пайдаланат.

БУХГАЛТЕРИЯЛЫК ОТЧЁТТУУЛУК — чарба каражаттары, алардын булактарынын ж-а ишканаанын (уюм, мекеме) жумуш жыйынтыгынын акабалын мүнөздөөчү көрсөткүчтөр системасы. Ал ишканаанын, уюмдун, мекеменин чарб. эсебинин негизинде түзүлөт. Б. о. мезгилдүү, айлык, кварталдык ж-а жылдык болот. Мезгилдүү ж-а жылдык отчёттуулуктун көлөмү м-н формасын жыл сайын СССР финансы мин-восу ж-а СССР борб. статистика башкармасы бекитет. Аны түзүү, тапшыруу ж-а бекитүү тартиби «Мамлекеттик, кооперативдик (колхоздордон башка), коомдук ишканалар м-н уюмдардын бухгалтериялык отчётторунун баланстары ж-догу жободо» аныкталган. Бул жобого зарылдыгына жараша чечим м-н өзгөртүү ж-а толуктоо киргизилип турат. Б. о. жог. жетекчи уюмдарга, кредиттөөчү, финансылоочу мамл. банк уюмдарына, СССР борб. статистика башкармасына, аның респ-калык ж-а жерг. уюмуна, жерг. финансы органдарына тапшырылат. Финансы органдары отчёт маалыматтарынын негизинде ишканаанын чарба ишин анализден, эсептешүү абалын аныктайт да, пайдаланылбай жаткан мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

БУХГАЛТЕРИЯЛЫК ЭКСПЕРТИЗА — ишканаанын абалын же чарба ишинин кээ бир элементин, о. эле кызматынын жумушун изилдөө ж-а мамл. эсеп-кысаптын тактыгын текшерүү жолу. Ал үчүн документ, эсептеги жазуу, баланс ж-а отчёт пайдаланылат. Б. э-га сот-тергөө органдарынын чечими керек. Аны союздук респ-калардын юстиция мин-волорунун сот-бухг. экспертиза бюросу ж-а филиалдары жүргүзөт. Б. э-ны финансы, экон. ж-а эсеп-кысап иши б-ча жог. билимдүү, кеминде 5 жыл стажы бар бухг. эсеп б-ча квалификациялуу адис-эксперт аткарат. Б. э. иши колдонулуп жаткан законго, инструкцияга, методикалык көрсөтмөлөргө ылайык жүргүзүлөт.

БУХГАЛТЕРИЯЛЫК ЭСЕП — чарб. эсептин бир түрү. Ал ишканада мамл. мүлктүн сакталышын, туура пайдаланышын контролдоо үчүн жүргүзүлөт. Б. э. чарб. операцияларды документтөө, аларды счетторго жазуу ж-а счеттогу жазууну баланс ж. б. отчеттогу топтоо методу аркылуу аткарылат. Счеттордун эки жагы (болүгү) болот: бир жагы (сол) — дебет, экинчи жагы (оң) — кредит. Максаты ж-а структурасы б-ча счеттор негизги, жөндөөчү, операциялоочу ж-а балансылоочу топко, ал эми негизги счет активдүү ж-а пассивдүү болуп болүнөт. Активдүү счет — чарба каражаттарынын айрымдарын (негизги каражат, материал, даяр продукция, накта акча), пассивдүү счет чарба каражаттарынын булактарын эсептөө үчүн колдонулат. Аларга уставдык фонд, мамл. банк кредити, буюм жөнөтүүчүлөргө бересе ж. б. кирет. Операция счету чарб. операцияларды ж-а алардын финанс. жыйынтыгын болок көрсөтүү үчүн пайдаланылат. Буга негизги ж-а көмөкчү өндүрүш, даяр продукция, сатуу ж. б. счеттор кирет. Ар бир чарб. операция бир счеттун дебетине, экинчисинин кредитине жазылат. Ал эми алардын майда-чүйдесүн эсептөө үчүн аналит. счеттор болот (к. *Аналитикалык эсеп*). Аналит. эсептеги жазуу ишканаанын оперативдүү башкарууда кеңири колдонулат. Синтетикалык счеттордун жыйынтыгы көбүнчө аналит. эсеп ж-а отчет түзүү үчүн пайдаланылат. Күнделүк эсептин негизинде продукциянын өз наркын калькуляциялоо — Б. э-тин негизги предмети. Соц. коомдо Б. э. чарбага пландуу жетекчилик кылуу куралы ж-а эл чарбасынын бир бөлүгү болуп саналат. Б. э. СССР борб. статистика башкармасынын макулдугу м-н СССР финансы мин-восу бекиткен бирдиктүү счет планынын негизинде жүргүзүлөт.

БУХГАЛТЕРИЯЛЫК ЭСЕПТӨӨНҮ МЕХАНИКАЛАШТЫРУУ — эсеп кызматкеринин кол эмгегин ар түрдүү эсептөөчү машина, прибор, аспап ж-а таблица м-н алмаштыруу. Эсептөө ишин механикалаштыруу эсеп кызматкеринин жумушун жеңилдетип, эмгек өндүрүмдүүлүгүн кескин жогорулатат. Мис., суммалоочу машинаны колдонуу жөнөкөй счётко караганда эмгек өндүрүмдүүлүгүн 2—3 эсе арбытат. 1949-жылдан баштап бухг. статистика ж. б. эсептөө комплекстүү механикалаштырылып, уламдан улам жакшыртылууда. Эсептөөнү комплекстүү механикалаштыруу үчүн ишкана м-н мекемелерде эсептөөчү машина бюросу, ири ишкана м-н мекемелерде эсептөөчү машина станциясы түзүлүп, бардык эсептөө ишин жүргүзөт. Булар негизинен ишканадагы, мекемедеги эмгек акыны, продукциянын өз наркын калькуляциялоону, материалдык каражатты ж. б. эсептөө ишин аткарат. Кийинки жылдарда электрондук эсептегич машиналарды чыгаруу ж-а аларды кеңири колдонуу эсептөөнү механикалаштыруу деңгээлин ж-а эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрдү. Соц. коомдо эсептөөнү механикалаштыруу өндүрүштү башкарууну жакшыртып, эсеп кызматкерлеринин бир тобун эл чарбасынын башка тармактарына пайдалануура мүмкүндүк берди. Капит. өлкөлөрдө болсо, эсептөөнү механикалаштыруунун өсүшү эсеп кызматкерлеринин эмгек акысын азайтып, алардын конч үгүн жумушсуз калтырат.

БУХЕНВАЛЬД — немец паш. концентрациялык лагерь. 1937-ж. Веймардын жанында түзүлгөн. Адегенде Эттерсберг деп аталган. 8 жыл ичинде ар кайсы улуттун өкүлдөрүнөн 239 миң адам Б-да камакта болгон. Лагерди курууда механизм болбой, жалаң кол эмгеги жумшалгандыктан, камактагылардын көбү жоруган өлгөн. Камактагыларды ошол жердеги ө. ж. эзелери да ырайымсыз эзген. Б-дын филиалы — «Дораның» жер астындагы имараттарында «Фау» самолет-снарядын жасатышкан. Адам чыдагыс шарт, ачарчылык, уруп-сабоо, аргасыз катуу эмгек массалык өлүмгө дуушар кылган. Б-да камалган 18 улуттун өкүлүнөн 56 миң адам өлгөн. Б-да 1944-ж. 18-августа гитлерчил фашисттер Э. *Тельманды* жырткычтык м-н өлтүрүшкөн. Лагерь түзүлгөн күндөн тартып коммунисттер башында турган антифаш. жашырын уюм түзүлгөн. 1943-ж. немец коммунисти В. Бартель башында турган интерн. комитет иштеп, немец паш. армия талкаланып жаткан мезгилде, 1945-ж. 11-апрелде интерн. саясий борбор башында болгон камактагылар көтөрүлүш чыгарып, лагерди жоюшкан. 1958-ж. Б-дын баатырларына ж-а курман болгондоруна арналган залкар эстелик-курулуш комплекси ачылды.



Бухенвальддагы фашизмге каршы күрөшкөндөрдүн монументи. 1958-ж. ачылган. Скульптор Ф. Кремер.

БУХТАРМА — Чыг. Каз-н обл-дагы дарыя, Иртыштын оң куймасы. Уз. 336 *км*. Алабынын аянты 12 660 $км^2$. Түш. Алтай кырка тоосунун чыг. жагындагы мөңгүлөрдөн башталып, *Бухтарма суу сактагычына* куят. Негизинен мөңгү, кар ж-а булактардан куралат. Жылдык орт. чыгымы 214 $м^3/сек$. Кеме жүрөт. Жээгинде Зыряновск ш. жайгашкан.

БУХТАРМА СУУ САКТАГЫЧЫ Чыг. Каз-ндын Семипалатинск (Семей) обл-нын терр-ясында. Иртыш д-дагы Бухтарма ГЭСинин курулушунан пайда болгон. Плотинанын бийиктт. 90 *м*. Аянты 5500 $км^2$, көлөмү 53 $км^3$, уз. 600 *км*. Эң жайык жери 35 *км*, орт. терең. 9,6 *м*. Б. с. с. 1960-ж. толтурула баштап, 1966-ж. пайдалануура берилген. Б. с. с. Павлодар, Семипалатинск ж. б. обл-тардын миңдеген *га* шалбаалуу жерлерин жаңында суу м-н камсыз кылат.

БУШ Эрист (22. 1. 1900-ж. т.) — немец эстрада ырчысы (баритон) ж-а драмалык актер. Немец иск-во академиясынын ж-а СЕПГдин мүчөсү. Жумушчунун үй-бүлөсүнөн. Рев-я-лык ырларды таратуучулардан. 1930-жылдан ырчы катары таанылa баштайт. Акындар Б. Брехт, Э. Вайнерт ж-а комп-лор Х. Эйслер, К. Вейль м-н «Бирдиктүү фронт жөнүндө ыр» ж-а «Коминтерн» сыяктуу элге белгилүү ырларды жараткан. Антифашист катары 1933-ж. Германиядан куулуп кетет. 1937—39-ж. Испаниядагы Интернац. бригаданын жоокери. 1943—45-ж. Моабит ж-а Бранденбург түрмөсүндө отурган. 1945-жылдан «Немец театрынын» ж-а «Берлин ансамблинин» коргүнүктүү актерлорунун бири. Негизги ролдору: Ашпозчу, Галилей (Брехт, «Кураж эне жана анын балдары», «Галилейдин турмушу»), Мефистофель (Гёте, «Фауст»). Бир нече жолу СССРге гастролго келген (1936, 1949, 1957). Б-ка ГДРдин Улуттук сыйл. ыйгарылган (1949, 1956). Эл Достугу ордени м-н сыйланган (1975).

БУШМЕН ТИЛДЕРИ — Түш. ж-а Чыг. Африкадагы калктын тилдери. Бул тилдер Анголанын түш.-чыгыш жагында, Намибия, Ботсвана м-н Түш. Афр. респ-касынын кээ бир р-ндорунда тараган. Б. т-нде болжол м-н 15 миңдей адам сүйлөйт. Б. т. жакшы изилдене элек. Анда бир топ диалект (ауэн, наман, нусан, батва, хадза ж. б.) бар.

БУШМЕНДЕР (англ. bushman — токой кишиси) — Түш. ж-а Чыг. Африканын байыркы жерг. калкы. Б. Калахари м-н Намибия чөлдөрүндө, Этош ойдуңунун айланасында, Ботсвана, Ангола ж-а ТАРдын чектеш р-ндорунда, бир аз болгу Танзаниядa жашайт. Элинин жалпы саны 50 миңче киши (1967). Бушмен тилинде, о. эле банту тилдеринде сүйлөшөт. Б-дин негизги кесиби — аңчылык ж-а жапайы момо-жемиштерди чогултуу. Б. зоока ташка сүрөт чегүү өнөрү м-н аты чыккан. Булар ТАР, Лесото, Родезия ж-а Намибияда сакталып калган.

БУЭНОС-АЙРЕС — Аргентинанын борбору, Түш. Америкадагы ири шаар. Ла-Плата булуңунда жайгашкан. Калкы 3,5 млн. (1970), шаар айланасы м-н 9 млн. (1972). Админ. жагынан өзүнчө федералдык борб. округ. Айланасындагы 18 шаарчаны биригтирип, Чоң Б.-А. деп аталат. Б.-А.— өлкөдөгү маанилүү жолдор тоому. Латын Америкасындагы ири деңиз порту. Шаарда машина куруу, электр тех., нефть иштетүү, хим., кездеме токуу, тамак-аш ж. б. ишканалар бар. Б.-А-ти 1536-ж. испандык конкистадор Педро Мендос негиздеген. 1541-ж. көтөрүлүшкө чыккан индеецтерден чегинген испандар шаарды кыйратып, оңтоп кетишкен. 1580-жылдан кайрадан калыбына келтирилген. 1880-ж-дан Аргентина



Буэнос-Айрес. Шаардын соода борборлорунун бири — Флорида көчөсү.

Респ-касынын борбору. Б.-А-те ун-т (1821), бир нече жог. окуу жай, ил. мекемелер, музейлер, улуттук китепкана, театрлар бар.

БУЮМДУК УКУК — субъективдүү гражд. укук, мүлктүк укуктун бир түрү. Б. у-туп объектиси — өзүнө гана тиешелүү өзгөчө каспеттери бар жекече буюм. Менчик ээси буюмду каалагандай пайдалана алат. Сов. укук б-ча, Б. у-ка менчик, оперативдүү башкаруу, жерди чектелбеген мөөнөткө пайдалануу укуктары кирет. Б. у-ту законсуз бузууга жол берилбейт. Бузулган Б. у. доо арыздары аркылуу калыбына келтирилет.

БУЙНОВ Иван Андреевич (1897—1965) — колхоз кыймылынын ишмери, өкү жолу Соц. Эмг. Баатыры (1950, 1957). 1931-жылдан КПССтин мүчөсү. 1929-ж. ал 25 миңчилер м-н кошо а. ч-на жиберилип, Москва обл-ның Ленин р-ндагы Ильич атн. к-зго пред-ль болуп шайланган. Б-дун жетекчилиги м-н (1929—63) колхоз өлкөдөгү алдыңкы чарбага айланган. СССР Жог. Советинин (5—6-шайл.) депутаты. КПССтин 21—22-съезддеринин делегаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БУЙУ — аялдан чыккан *бакшы*.

БҮГҮП ТИГҮҮЧҮ МАШИНА — кездеменин оң жагына тигиш салтырбай тигүүчү машина. Б. т. м. көбүнчө сырткы, ички киймдерди ж-а киймдердин этек жеңдеринин четин тигүүдө колдонулат. Тигүүчү машинанын түрлөрүнө жараша бир сызыктуу, ийри сызыктуу ж-а кош сызыктуу тигиштер алынат.

БУКТОЛУУ АЙМАГЫ (области), к. *Бүктөлүүлөр*.

БУКТОЛУУ ЗОНАСЫ, к. *Бүктөлүүлөр*.

БУКТОЛУУЛӨР — тектон. кыймылдардын же башка сырткы процесстердин таасиринен тоо тек катмарларынын толкун сымал ийилиши. Өзүнүн формасы, чондугу, бири бири м-н байланышы, пайда болуу убактысы (жашы) б-ча Б. бир нечеге болунот. Ар бир бүктөлүүнүн ядросу, канаттары, кулпусу ж-а октук бети болот (к. *Антиклиналь*). Б-дун өлчөмү ар кандай. Кээ бирлеринин туурасы бир нече 100 *м* ге, кээде *км* го жетсе, кээ бирлериники *м* же *см* ден ашпайт. Жалпысынан Б. *антиклиналь* ж-а *синклиналь* деп болунот. Чоң өлчөмдөгү татаал Б. *антиклинорий* ж-а *синклинорий* деп аталат. Б-дун формалары да ар түрдүү: жайгашуусуна карата сызыктуу (созулуп жаткан) ж-а кыска же тегерек (*брахиантиклиналь, брахисинклиналь*). В. тууласынан кесилишиндеги формасына карата тик, жантык, жатып калган, көтөрүлгөн, ачык, изоклиналдуу, желпүүр (веер) сымал Б. (к. 1-схема); ал эми жанаша жаткан Б-дун бири бирине карата жайгашуусу б-ча жарыш, кулиса, виргация сыяктуу түрлөргө болунот. Катуу тоо тек катмарларынын арасындагы жумшак тектердин катмары бирдей эле тектоп. күчтүн таасиринен ойку-кайкы тартып, таттаал бүктөлөт. Бул дисгармониялык Б. деп аталат. Пайда болуш учурундагы тектон. шартка жараша платформалык (куполго окшош, үзгүлтүктүү, германотиптүү), геосинклиналдык (сызыктуу, толук, альпинотиптүү) ж-а арабок (алардын ортосундагы) Б. деп ажыратылат. Тектон. кыймылда турган аймактардын өнүгүш-өөрчүшүнүн белгилүү бир учурунда пайда болгон бир тилкедеги тоо түзүлүштөрүнүн бүктөлүү комплекси бүктөлүү зонасы деп аталат. Бир нече бүктөлүү зона биригип бүктөлүү системасын түзөт. Ортоңку ж-а четки массивдерден ж-а сырткы бүктөлүү системаларынан бүктөлүү области (аймагы) куралат. Буга Альпы, Кавказ, Гималай, Түш. Тянь-Шань, Түп. Тянь-Шань ж. б. бүктөлүү областтары мисал. Бүктөлүү областтары биригип бүктөлүү алкагын курат (мис., Урал—Монгол, Жер Ортолук деңиз, Тынч океан ж. б. бүктөлүү алкактары). Б. негизинен 3 жол м-н: а) тоо тек катмарларын бойлой таасир кылган күчтөрдөн (к. 2-схема — а); б) тик багыт б-ча таасир кылган күчтөрдөн (к. 2-схема — б); в) чоң кысымдын таасири астында



Я — бүктөлүүнүн ядросу. К — бүктөлүүнүн канаты.

Бүктөлүүлөрдүн схемасы: *1* — тик антиклиналь; *2* — жантык антиклиналь м-н синклиналь; *3* — көтөрүлгөн бүктөлүү; *4* — жатып калган; *5* — желпүүр (веер) сымал; *6* — чөгүп кеткен; *7* — сандык сымал антиклиналь ж-а үстүүсү синклиналь; *8* — изоклиналдуу бүктөлүү.

катмарлардын «агымынан» (к. 2-схема — в) пайда болот. Б-дун натыйжасында катмарланган чокмо тектердин түрдүү масштабда ж-а формада бүктөлүштөрү, о. эле жер кыртышында гранитметаморфизм кабаттары пайда болуп, ири тоо тизмектери келип чыгат; геосинклиналдуу зоналар (системалар, областтар, алкактар) бүктөлүү зоналарга (системаларга, областтарга, алкактарга) айланат.

Б. кыска мөөнөттө же бүктөлүү аймактын бардык жеринде бир мезгилде эле жарала койбойт, ал узак убакыттын ичинде пайда болот. Мында тоо тек катмарлары дайыма эле бир калыпта тынымсыз бүктөлүүгө учурап турбайт, бүктөлүү процесси бирде күчөп, бирде басандап турат, кээде токтоп калат. Бүктөлүү процесси күчөп турган мезгил Б-дун фазасы деп аталат. Тектон. кыймылда аймактын өнүгүш-өөрчүшүндө бүктөлүү фазалар көбөйүп ж-а күч алып турган мезгил болот, бул учур бүктөлүү доору деп, ал эми тектон. циклди камтыган бүктөлүү процесстери бүктөлүү заманы деп аталат. Жердин тарыхында архей, карел, байкал, каледон, герцин, мезозой же киммерий ж-а альпы сыяктуу негизги бүктөлүү замандары болуп өткөн.



Бүктөлүүнүн пайда болуу схемасы.

Ад.: Косыгин Ю. А., Тектоника, М., 1969; Белоусов В. В., Структурная геология, М., 1971; Хаин В. Е., Общая геотектоника, М., 1973; Михайлов А. Е., Структурная геология и геологическое картирование, М., 1973.

БУКТООЧУ ПРЕСС, к. *Пресс*.

БУКУР — түрдүү оорулардын (көбүнчө туберкулез) ж-а бузулуулардын натыйжасында омурткада пайда болгон деформация. Омурткалардын патолог. процессинин бузулушунан алар артка, алдыга ж-а каптал жактарга кыйшаят. Б. болгон балдарда ж-а өспүрүмдөрдө скелет туура эмес өсөндүктөн, омурткалардын деформациясы абдан чоң болот. *Итий* балдарда сөөк ткандар өзгөрүлүп, Б. пайда болот. Б-дү итий оорусун өз убагында ж-а туура дарылоо м-н түзөтүү мүмкүн. Б. пайда болгондо, омурткалардын каптал жакка кыйшайышынан көкүрөк сөөк дагы деформацияланат. Б-дун пайда болушун алдын алуу үчүн туберкулез оорусун өз убагында ж-а туура дарылоо, итийге каршы чара көрүү, баланы эрте олтургузбоо, массаж, гимнастика ж. б. жасоо зарыл.

БУЛБУЛДӨӨ РАЗРЯДЫ — электроддо потенциалдык айырмасы чоң ж-а андагы токтун тыгыздыгы аз болгон учурдагы өзү күйүүчү газ разряды. Б. р. ар кандай басымда алынышы мүмкүн. Б. р. учурунда электрондор оң заряддалган иондордун, тез кыймылдагы атомдордун соккусу астында ж-а фотоэффектинин, метастабилдүү атомдун энергиясы аркылуу электроддон болүнүп чыгарылат. Б. р. тиратрондордо, стабилитрондордо ж. б. техниканын айрым тармактарында колдонулат.

БУЛДУРКӨН — роза гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. Сабагы майда тикендүү, гүлү ак, айрым учурда мала кызыл. Мөмөсү кара кочкул же кызгылт. Б-дун 200-дөн ашык түрү бар. Ал Америка, Европа, О. Азия ж-а Африкада кеңири таралган. СССРде Б-дун 42 түрү өсүп, алардын көпчүлүгү Кавказда, О. Азияда кездешет. Мөмөсүндө 4—8% кант, 0,8—1,4% кислота, С витамин, А провитамини болот. Б. жаңы ж-а как түрүндө пайдаланылып, андан кыям (варенье), джем, шарап ж. б. жасалат. Анын 300гө жакын сорту белгилүү. Б-дун ар гектарынан 5—7 *т* түшүм алынат.

БУЛӨЛҮ — Ош обл-ның Алай р-ндагы Бүлөлү сельсоветине караштуу кыштак. Ленин атн. с-здун аймагында. Р-ндун борбору Гүлчөдөн 38 *км* чыг. таранта. Ош т. ж. станциясынан 120 *км*. Калкы 1080 (1974). Орто ж-а башталгыч мектеп, 2 китепкана, клуб, медпункт бар.

БҮЛӨӨ — кесүүчү куралдарды жаңып курчутуучу жылмаланган таш. Б. м-н темир, болот сыяктуу металл куралдар (шамшар, устара, маки, бычак, жуушак, паштар ж. б.) курчутулат. Б. көбүнчө чачтарачтык ж-а усталык иште, о. эле үй-тиричилигинде да керектелет. Б. жумшак ташгардан тандалып алынат. Азыр Б-ну өндүрүштө да даярдайт.

БҮРГӨЛӨР (Aphaniptera) — курт-кумурскалар классынын түркүмү. Б-дун ооз аппараты сайыш сорууга ыңгайланган. Б. сүт эмүүчүлөр м-н канаттууларга мителик кылып, алардын канын соруп азыктанат. Б-дун 1000 ге жакын түрү белгилүү. Б-дун киши бүргөсү (Pulex irritans), ит бүргөсү (Ctenocephalides canis), тоок бүргөсү (Echidnophaga gallinacea) ж. б. түрлөрү бар. Б-гө каршы күрөшүү үчүн турак жайларды таза карман, полду

2,5% карболдуу самындын эритмеси м-н жуун, бурчтарды керосиндеп сүртүү керек.

БУРГӨН (Artemisia scoparia) — осумдуктордун татаал гүлдүүлөр тукумундагы шыбак уруучасынын түрү. Бир же эки жылдык чөп. Сабагынын бийикт. 30—90 *см*. Жалбыректары таталл, жетиле элегинде түктүү. Жер бетинде, көбүнчө Европа, Азияда, о. эле Кырг-ндын дыйканчылык зонасында кеңири таралган. Б-дун жер үстүндөгү бөлүгүндө 0,09—1,1% эфир майы бар.

БУРГӨНДУ — Ош обл-нын Ленин р-пундагы Бургөнду сельсоветине караштуу кыштак. Карл Маркс атн. к-здун борбору. Р-ндун борбору Ленин-Жолдон 30 *км* түш.-бат. тарапта. Жалал-Абад т. ж. станциясынан 70 *км*. Калкы 8320 (1974). Айылдык профтех. окуу жайы, 2 орто, 3 сегиз жылдык, 5 башталгыч мектеп, мад-т үйү, оорукана, клуб бар.

БУРГУН (Aguilegia) — осумдуктордун байчечекейлер тукумунун уруусу. Көп жылдык чөп. Жалбыректары таталл. Гүл коргону 5 мүчөлүү. Мөмөсү — жалбыракча. Жер жүзүндө 75 түрү бар. СССРде анын 20 түрү (Кырг-нда 6) өсөт. Булардын ичинен чөмүч баш Б., кадимки Б. кооздук үчүн өстүрүлөт. Б. уругу аркылуу ж-а вегетативдик жол м-н көбөйөт.

БУРКУТ (лат. Aquila chrysaëtus) — канаттуулардын түйгундар тукумундагы куш. Б-түн дүйнөдөгү 6 түрчөсүнүн ичинен кыргыз жергесинде ж-а Борб. Азияда A. chdaphanea Sev деп аталуучу түрчөсү кездешет. Бул Б. кежигесиндеги саргыч узун жүндөрү м-н айырмаланат. Күйрук жүнү бозомук, туурасынан кеткен күрөң темгилдери бар, күйругунун учу



караңгы, Европа, Азия, Түн. Америка ж-а Африканын тоолорун мекендейт. Жай мезгилинде деңиз деңг. 2000—3000 *м* бийик зоолордо жашайт. Уясын аска-зоолорго салат. Ар бир Б. 2—3 уя жасап, аны башка жырткыч канаттуулардан өтө кылдат кайтарат. Мителер (бүргөлөр, кепелер ж. б.) басып кетпес үчүн уяларын 1 же 2 жылда которуштурат. Марттын орто ченинде 1—2 жумуртка туун ургаачысы басат. 45—50 күн өткөндөн кийин ак күн балапандары чыгат. Б.— көзү курч, кыраан, текебер жырткыч. Түлкү, суур, өчкө-теке, улар ж. б. алып жейт.

Кыргыз эли илгертеден эле Б-ту ташка кондурун, аң уулоодо кеңири пайдаланат. *Мулушкорлор* кыраан Б-ке түлкү, карышкыр алдырат.

БУРКУТ СВИТАСЫ—Тянь-Шань тоолорунун кембрий ж-а ордовик мезгилинин башында пайда болгон тоо тек катмарлары. Тескей Ала-Тоо, Сары-Жаз, Көөлү кырка тоолорунда кеңири таралган. 1940-ж. П. А. Грюше аны өзүнчө *геологиялык свита* катары бөлүп, Тескей Ала-Тоосундагы Бүркүт ашуусунун аты м-н атаган. 1962-ж. М. М. Адышев, К. Е. Калмурзаев, В. Г. Королёвдор тактап, андан бир нече свита ажыратылып, көлөмү өзгөртүлгөн. Кийинки бөлүгү б-ча Б. с-ның астыңкы бөлүгү кремнийлүү, көмүртек-чополуу, көмүртек-чопо кремнийлүү сланецтерден, ортоңку бөлүгү доломиттешкен ж-а таза аки таш тегинен, үстүңкү бөлүгү кремнийлүү, көмүртек-чополуу сланецтерден түзүлгөн. Тоо тектердин өңү күңүрт боз, кара. Калың. 530—300 *м*. Свитада трилобиттер, брахиоподдор ж. б-лардын калдыктары табылган. Свита м-н сейрек кездешүүчү металлдардын кендери байланыштуу болгондуктан анын эл чарбасында мааниси чоң.

Ад.: Геология СССР, т. 25, кн. 1, М., 1972.

БУРКУТ-КАЛА — б—8-к-дагы чеп урандылары, Аму-Дарыясынын оң жээгинде (Кара-Калпак АССРинин Төрткүл р-нунун терр-ясында). 1935—37- ж-а 1954—55-ж. хорезмдик экспедиция изилдеген. Ал ири феодалдар жашаган бекем короо — сепилден ж-а чакан шаардан турган. Шаардын терр-ясынан 8-к-га тиешелүү имараттардын калдыктары, коло ж-а жез буюмдар, тыйындар ж. б. казылып алынган.

БҮРКҮТЧҮ — бүркүт таптаган ж-а аны м-н уга чыккан адам, к. *Мулушкор*.

БҮТКҮЛ АФРИКА ПРОФСОЮЗ ФЕДЕРАЦИЯСЫ (БАПФ) 1961-ж. май айында Касабланкада (Марокко) 1-Бүткүл афр. профсоюздук конф-яда түзүлгөн. Империализмге ж-а колониализмге каршы күрөшүү позициясында турган ж-а афр. профсоюз кыймылынын автономиялуулугу, коз каранды эместиги үчүн күрөшкөн афр. профсоюздардын биримеси. БАПФтын составында Афр. континентиндеги өлкөлөрдүн көпчүлүгүнүн улуттук профсоюз борборлору, прогрессчил автономиялуу профсоюз борборлору кирет, болжол м-н 3800 миң мүчөсү бар. Африканын 36 өлкөсүнөн 102 делегат катышкан БАПФтын 2-конф-ясында (1964-ж. июнь, Бамако, Мали) уюмдун программасы м-н уставы кабыл алынган. Федерация афр. профсоюз кыймылын бириктирүү үчүн күрөшүп, Профсоюздардын бүткүл дүйн. федерациясы, соц. өлкөлөрдүн профсоюздары м-н достук байланышын ж-а кызматташтыгын өнүктүрүүдө. БАПФтын жог. органы — 3 жылда бир чакырылуучу Конгресс. Составында ар бир профсоюз борборунан өкүл болгон Ген. совет жылына бир жолу чогулат. Күндөлүк ишти Аткаруу бюросу м-н Секретариат жүргүзөт. Пред-ли Махджуб Бен Седдик (Марокко, 1961-жылдан), ген. секретарлары — Мамаду Фамади Сиссоко (Мали, 1966-жылдан) ж-а Альфред Тандау (Танзания, 1971-жылдан).

«БҮТКҮЛ БИЙЛИК СОВЕТТЕРГЕ!» — большевиктер партиясынын Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоо ж-а аны жүзөгө ашыруу мезгилиндеги негизги саясий урааны. Ураандын мазмуну соц. рев-я үчүн күрөштүн жүрүшүндө өзгөрүп турду. Рев-ялын тынч өнүгүү мезгилинде (1917-ж. апр.— июнь) бүткүл бийликти Советтерге берип, кош бийликти жолуу, эсерлер м-н меньшевиктерден (Советтерде алар көп болушкан) Совет өкмөтүн түзүү максатын көздөгөн. Большевиктер өкмөттүн составына кирбей, оппозициялык партия катарында массанын арасында иш жүргүзүп, майда бурж. партиялардын олку-солкулугун, алдын рев-ячыл талаптарын орундатууга жөндөмсүздүгүн сынга алып, депутаттарды чакырып алуу укугун пайдалануу м-н Советтердин парт. составын өзгөртүүгө, акыр-аягында большевиктик Совет өкмөтүн түзүүгө тийиш эле. Бул кезде бурж. Убактылуу өкмөттү куралдуу которуп ишти Аткаруу бюросу м-н Секретариат жүргүзөт. Пред-ли Махджуб Бен Седдик (Марокко, 1961-жылдан), ген. секретарлары — Мамаду Фамади Сиссоко (Мали, 1966-жылдан) ж-а Альфред Тандау (Танзания, 1971-жылдан).

«БҮТКҮЛ БИЙЛИК СОВЕТТЕРГЕ!» — большевиктер партиясынын Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоо ж-а аны жүзөгө ашыруу мезгилиндеги негизги саясий урааны. Ураандын мазмуну соц. рев-я үчүн күрөштүн жүрүшүндө өзгөрүп турду. Рев-ялын тынч өнүгүү мезгилинде (1917-ж. апр.— июнь) бүткүл бийликти Советтерге берип, кош бийликти жолуу, эсерлер м-н меньшевиктерден (Советтерде алар көп болушкан) Совет өкмөтүн түзүү максатын көздөгөн. Большевиктер өкмөттүн составына кирбей, оппозициялык партия катарында массанын арасында иш жүргүзүп, майда бурж. партиялардын олку-солкулугун, алдын рев-ячыл талаптарын орундатууга жөндөмсүздүгүн сынга алып, депутаттарды чакырып алуу укугун пайдалануу м-н Советтердин парт. составын өзгөртүүгө, акыр-аягында большевиктик Совет өкмөтүн түзүүгө тийиш эле. Бул кезде бурж. Убактылуу өкмөттү куралдуу которуп ишти Аткаруу бюросу м-н Секретариат жүргүзөт. Пред-ли Махджуб Бен Седдик (Марокко, 1961-жылдан), ген. секретарлары — Мамаду Фамади Сиссоко (Мали, 1966-жылдан) ж-а Альфред Тандау (Танзания, 1971-жылдан).

«БҮТКҮЛ БИЙЛИК СОВЕТТЕРГЕ!» — большевиктер партиясынын Улуу Окт. соц. рев-ясын даярдоо ж-а аны жүзөгө ашыруу мезгилиндеги негизги саясий урааны. Ураандын мазмуну соц. рев-я үчүн күрөштүн жүрүшүндө өзгөрүп турду. Рев-ялын тынч өнүгүү мезгилинде (1917-ж. апр.— июнь) бүткүл бийликти Советтерге берип, кош бийликти жолуу, эсерлер м-н меньшевиктерден (Советтерде алар көп болушкан) Совет өкмөтүн түзүү максатын көздөгөн. Большевиктер өкмөттүн составына кирбей, оппозициялык партия катарында массанын арасында иш жүргүзүп, майда бурж. партиялардын олку-солкулугун, алдын рев-ячыл талаптарын орундатууга жөндөмсүздүгүн сынга алып, депутаттарды чакырып алуу укугун пайдалануу м-н Советтердин парт. составын өзгөртүүгө, акыр-аягында большевиктик Совет өкмөтүн түзүүгө тийиш эле. Бул кезде бурж. Убактылуу өкмөттү куралдуу которуп ишти Аткаруу бюросу м-н Секретариат жүргүзөт. Пред-ли Махджуб Бен Седдик (Марокко, 1961-жылдан), ген. секретарлары — Мамаду Фамади Сиссоко (Мали, 1966-жылдан) ж-а Альфред Тандау (Танзания, 1971-жылдан).

көздөгөн бүткүл дүйн. уюм. 1947-ж. ООНдун алдында уюшулган, ага 122 мамлекет мүчө (1970-ж. 1-июнь). Жог. органы — Бүткүл дүйн. метеорол. конгресс, 4 жылда бир жолу чакырылат. Иш жүргүзүүчү органы — Секретариат, Женевада (Швейц.).

БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМУ — ООНдун адистештирилген органы. Ал 1948-ж. 7-апрелде түзүлгөн. Ага 128 өлкө мүчө (1971-ж. 1-янв.). Бул уюм айрым өлкөлөрго (алардын кайрылуусу б-ча) саламаттык сактоо ишин жакшыртуу, чыдоо, эпидемияга, айрым ооруларга каршы (чечек, бөгөгө ж. б.) күрөш жүргүзүү, мед. кадрларды даярдоо, дары-дармек ж. б. маселелер б-ча жардам көрсөтөт. Совет өкмөтү бул уюмдун эң активдүү мүчөсү катары дүйнө б-ча чечек, бөгөгө ооруларын жок кылуу, адамзатты атомдук радиациядан коргоо (1961) ж-дегү сунуштарды киргизген. Сов. Союзу Афр., Азия ж. б. өлкөлөргө саламаттык сактоо ишин чыдоо жагынан чоң жардамдарды көрсөтүүдө.

БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ТАРТЫЛЫШ — ар кандай материалдык перселердин өз ара аракеттенишин, к. *Тартылуу*.

БҮТКҮЛ ДҮЙНӨНҮН ЭЛДЕРИНЕ КАПРЫЛУУ — 1960-ж. ноябрда Москвада болуп өткөн Коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын кеңешмесинде кабыл алынган документ. Б. д. э. к. өз ишин тынчтыкты коргоого, жаңы дүйн. согуш коркунучуна каршы элдерди үндөөгө арнаган. Б. д. э. к-сунда эл аралык абалдын оорчулугун жеңилдетүү, коомдук түзүлүштөрү ар түрдүү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоо үчүн күрөшүүсү; согуштук базаларды жок кылуу ж-а аларды башка мамлекеттердин терр-ясынан алып кетүү, атомдук курапдануунун чектөө; эл аралык талаштартыш маселелерди тынчтык жол м-н чечүү; агрессиячыл импер. согуш блокторун жок кылуу талаптары көрсөтүлгөн. Ядролук куралдарды чыгаруруну, сыноону чектөө ж-а биротоло жок кылуу, жалпы, толук ж-а контролдукка алынган куралсызданууну ж-дө договорду тезинен түзүү маселеси каралган. Б. д. э. к-га кол койгон коммунисттик ж-а жумушчу партияларынын өкүлдөрү бардык парт. уюмдарга ж-а тынчтык үчүн күрөшүүчү бүткүл прогрессчил адамзатка кайрылат. Анда ар түрдүү реакцияның, монополиянын ж-а колониализмдин толук кыйроосуна өздөрүнүн тилектештигин билдирип, «Тынчтык согушту жеңет!» деген ураан м-н аяктаган.

БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК БАКтын ЖЕТИ-СУУ ОБЛАСТЫНЫН ЖАЛПЫ КАЛКЫНА КАЙРЫЛУУСУ 1921—22-жылдагы жер-суу реформасынын натыйжасын жокко чыгарууга умтулган кулактардын ушак-айыңдарына байланыштуу 1922-ж. 31-августта кабыл алынган. Ага М. И. Калинин кол койгон. Анда Жети-Сууда өткөрүлгөн жер-суу реформасына, орус ж-а кыргыз эмгекчилеринин тинтүү мүдөөлөрүнө каршы чыгышкан душман элементтер аткереленип, агрардык кайра куруулардын маңызы, зарылдыгы ж-а закон ченемдүүлүгү түшүндүрүлгөн. ББАКтын кайрылуусу жер-суу реформасын аяктап, дыйкандарга берилген жер, мал, шаймандар кайра алынбайт, жерг. калк м-н жер ооган улуттар жер-сууга тең укуктуу деп жарыялады. Бардык улуттун эмгекчилерин тынчтыкта жашап, ынтымактуу эмгектенүүгө чакырды. Муну жети-суулук эмгекчилер чоң жактыруу м-н кабыл алышкан. Кайрылуу жер-суу реформасын жөнгө салып, орус, кыргыз ж. б. улуттардын бир туугандыгын бекемдөө м-н тарыхый зор мааниге ээ болду.

Ад.: Советское строительство в аулах и селах Семиречья. 1921—1925 гг. Сб. документов, ч. 1, А.-А., 1957.

БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК ТЕАТРЛАР КООМУ — РСФСРдин театр ишмерлерин бириктирип турган өлкөбүздөгү эски уюмдардын бири. Коомду 1883-ж. Петербургда ошол кездеги алдыңкы театр ишмерлери (актёрлор М. Г. Савина, В. Н. Давыдов, Н. Ф. Сазонов, драматург А. А. Потехин ж. б.) уюштурушкан. 1894-ж. ал Орус театр коому болуп кайта түзүлгөн. 1932-жылдан Б. р. т. к. деп аталат. Совет мамл-нин учурунда коомдун иши кеңири кулач жайып, конф-я, семинар, спектаклдердин талкууларын өткөрүп, театр ишмерлеринин тажрыйбасын пропагандалайт. 1922-жылдан театр б-ча китептер чыгарат. Коомго 1972-ж. РСФСРдин 25 миңден ашуун театр кызматкери бириккен. Автон. респ-ка, край ж-а областтардын борборлорунда анын 72 бөлүмү бар. Мындай театр коомдору союздук респ-каларда да уюштурулган. Мис., *Кыргыз ССР театр коому* (1961).

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК БОТАНИКАЛЫК КООМ — ботаника б-ча иштеген сов. илимпоздордун пл. коому. Киев ботаникторинин демилгеси м-н 1915-ж. түзүлгөн. Ал 1915—32-ж. Орус ботан. коому, 1932—45-ж. Мамл. бүткүл росс. ботан. коом, 1945-жылдан Б. с. б. к. деп аталган. Коомдун 57 бөлүмү бар, ал бардык союздук республикалар м-н өлкөнүн ботаниктери көп шаарларында уюштурулган. Аларда 6600дөн (1973-ж. июнь) ашык мүчө сүү бар. Б. с. б. к-дун ботаниканын негизги тармактары б-ча 22 секциясы ж-а комиссиясы иштейт. Коомдун негизги максаты: ботаниканын бардык тармактарынын өнүгүшүнө көмөктөшүү; өлкөнүн осумдуктөр байлыгын изилдөө ж-а пайдалануу ишиндеги теориялык, практикалык милдеттерди чечүүгө илимпоздорду тартуу; мекемелердин, уюмдардын ботан. б-ча ил. иштерин координациялоо; ботан. билимдерди элге таратуу. Коом «Ботанический журнал», «Проблемы ботаники» деген мезгилдүү жыйнакты, монографияларды, методикалык көрсөтмөлөрдү чыгарып турат. Коомго СССР ИА жетекчилик кылат.

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК КИТЕП ПАЛАТАСЫ — СССРдеги мамл. библиография ж-а басма сөз статистикасынын борбору; библиография, китеп таануу ж-а басма иштери б-ча ил. из. мекемеси. Ал милдеттүү экземплярды кабыл алуу, болуштүрүү, аның негизинде жаңыдан чыгып жаткан басма сөз продукцияларын библ. каттоодон өткөрүү ж-а статистикалык эсепке алуу милдетин аткарат. 1917-ж. негизделип, 1936-ж. атайын мамл. библ. мекеме болуп түзүлгөн. Китеп палаталары бардык союздук (РСФСРде анын милдетин Б. с. к. п. аткарат) ж-а автон. респ-каларда бар. Кырг-нда *Кыргыз ССР мамлекеттик китеп палатасы* 1939-жылдан иштейт.

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ЛЕНИНДИК КОММУНИСТТИК ЖАШТАР СОЮЗУ (ВЛКСМ) — комсомол жаштардын массалык коомдук-саясий уюму. Комсомол — КПССтин активдүү жардамчысы ж-а резерви. ВЛКСМ жаш жеткинчектерди коммунизмдин духунда тарбиялоо, аларды жаңы коомду курууга тартуу, коммунизмдин түшүнүк эмгектенге турган ж-а коомдук иштерди башкара турган адамдарды тарбиялоо ишинде партияга

Комсомол билетгин жаңы үлгүсү (1975).



жардам берет. ВЛКСМ уландар м-н кыздарды пролет. интернационализм духунда, бардык өлкөлөрдүн жаштары м-н достошуу духунда тарбиялайт.

Комсомол — өзүнүн борб. ж-а баштапкы органдары бар өзүнчө уюм. ВЛКСМдин Уставына ылайык комсомолго 14—28 жаштагы улан-кыздар кабыл алынат. 1974-ж. 1-январына комсомол катарындагы жаштардын саны 32 млн-го (430 миң баштапкы уюм) жетти.

ВЛКСМдин уюмдаштыруу принциби — демокр. централизм. ВЛКСМдин баштапкы уюмдары ишканаларда, колхоз-совхоздордо, окуу жайларда, мекемелерде, Сов. Аскер ж-а Флот бөлүктөрүндө уюштурулат. ВЛКСМдин жог. органы — съезд, съезд аралыгында — Борб. Комитет. ВЛКСМ өз ичинде коллективдүү жетекчиликтин лениндик принциптерин бекем сактоого, комсомолдук ички демократияны, сынды ж-а өзүн өзү сыноону өөрчүтүүгө таянат.

ВЛКСМдин, пролет. жаштар кыймылынын тарыхы жумушчу табынын, Компартия жетектеген совет элинин коммунизмди куруу үчүн революциялык күрөшүнүн тарыхы м-н тыкыс байланыштуу. Пролет. жаштар кыймылын өстүрүүгө ж-а жаштар союздарын уюштурууга РСДРП(б)нин 6-съезди (1917-ж. июль-авг.) багыт берген. Съездин «Жаштар союздары жөнүндөгү» рез-ясында жаштардын келечектеги уюму м-н анын программасынын теориялык негизи түзүлгөн. Жумушчу ж-а дыйкан жаштар союздарынын бүткүл росс. 1-съезди (1918) бытыранды жаштар союздарын Россиялык Коммунисттик Жаштар Союзуна (РКСМ) бириктирип, анын Программасы м-н Уставынын негизги принциптерин белгилеген. 1924-ж. июлда ага В. И. Лениндин ысмы берилип, Россиялык Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу (РЛКСМ) делип, СССРдин түзүлүшүнө байланыштуу 1926-ж. мартта ал Бүткүл Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу (ВЛКСМ) деп аталган. В. И. Ленин Коммунисттик Жаштар Союзунун түзүлүшүнө зор маани берип, алардын 1-съездинин ишине көз салып, жаштардын делегацияларынын өкүлдөрүн кабыл алган. Комсомол Компартиянын жетекчилиги м-н зор ж-а даңктуу жолду басып өттү.

Гражд. согуштун жылдарында партиянын чакыруусу б-ча Октябрдын жеңишин коргоого активдүү катышты. Ошондогу күжүрмөн эмгеги үчүн 1928-ж. Кызыл Туу ордени м-н сыйланды. Гражд. согуштан кийин комсомолдун алдына жумушчу-дыйкан жаштарын тынч эмгекке мобилизациялоо милдети коюлду. В. И. Лениндин «Жаштар союздарынын милдеттери жөнүндө» РКСМдин 3-съездинде (1920) сүйлөгөн тарыхый сөзү партиянын ж-а комсомолдун иши үчүн өтө маанилүү теориялык ж-а программалык документ болду. Комсомолдун 6-съезди (1924) жаштар кыймылындагы троцкизмди толук кыйратып, партиянын лениндик жолун бир добуштан кубаттады. ВЛКСМдин 7-съезди (1926) комсомол жаштарды партиянын 14-съездинин (1925) чечимдерин жүзөгө ашырууга багыттады. ВЛКСМдин 7- ж-а 8-съездери В. И. Лениндин осуятын, ВКП(б)нин 14- ж-а 15-съезддеринин чечимдерин жетекчиликке алып, өлкөнү индустриялаштырууга ж-а а. ч-сын коллективдештирүүгө, илим м-н техниканы өздөштүрүүгө байланыштуу милдеттерди койду. Комсомол уюмдары соц. мелдеште эшкиндүүлөр кыймылынын уюткусу болду. Биринчи 5 жылдыктын эң маанилүү курулуштарында комсомолдор иштеди. 1931-ж. 21-январда эшкиндүү эмгеги ж-а соц. мелдеште көрсөткөн демилгеси үчүн ВЛКСМ Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланды.



В. И. Ленин РКСМдин III съездинин делегаттарынын арасында. 1920-ж.

Улуу Ата Мек. согуш (1941—45) жылдарында сов. жаштар партиянын чакыруусу б-ча немец фаш. баскынчыларга каршы жапырт аттанды. 1941—45-ж. ВЛКСМдин катарына 12 млн-го жакын улан-кыз кабыл алынды. 3,5 миң комсомол Сов. Союз. Баатыры наамын алышты, 3,5 млн. комсомол орден, медалдар м-н сыйланды. Фаш. баскынчыларга каршы күрөштө баатырларча курман болгон З. Космодемьянская, Л. Чайкина, Ч. Түлөбердиев, А. Матросов, В. Талалихин, М. Маметова, М. Мельникайте сыяктуу ВЛКСМ мүчөлөрүнүн ысымдары эрдик көрсөтүүнүн символуна айланды. ВЛКСМ 1945-ж. 14-июнда Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Ата Журтка сиңирген эмгеги үчүн Ленин ордени м-н сыйланды. Комсомол Улуу Ата Мек. согуштан кийин өлкөнүн өө. ж-ын ж-а а. ч-сын кайра калыбына келтирүүгө активдүү катышты. Сов. жаштарга коммунисттик тарбия берүүдө сиңирген эмгеги үчүн, соц. курулушка активдүү катышканы үчүн, ВЛКСМдин 30 жылдыгына байланыштуу (1948) ВЛКСМ 2-жолу Ленин ордени м-н, коммунизмди куруудагы, айрыкча дың жерлерди өздөштүрүүдөгү активдүү иштери үчүн ВЛКСМ 1956-ж. 5-ноябрда 3-жолу Ленин ордени м-н сыйланды. ВЛКСМдин жаштар, пионерлер, балдар үчүн СССР өлдөрүнүн 22 тилинде чыга турган 226 газетасы ж-а журналдары бар. ВЛКСМ БКнын «Комсомольская правда», «Пионерская правда» газеталары, «Комсомольская жизнь», «Молодой коммунист», «Смена», «Пионер», «Техника молодежи», «Мурзилка» сыяктуу журналдары кеңири белгилүү.

ВЛКСМ — эл аралык коммунисттик ж-а демокр. жаштар кыймылынын күжүрмөн отряддарынын бири. 1970-ж. ВЛКСМ ж-а сов. жаштар уюмдары дүйнөнүн 129 өлкөсүнүн жаштарынын бириккмелери м-н кызматташ болду. Капит. өлкөлөрдүн коммунисттик жаштар уюмдары м-н байланышты өнүктүрүп, Азия, Африка, Латын Америкасы өлкөлөрүндөгү колон. саясатка каршы, улуттук көз каранды болбостук үчүн, демократия, социализм үчүн күрөшүп жаткан өз курбуларына жардам берүүдө. ВЛКСМ жаштардын ж-а студенттердин дүйн. фестивалдарына, жаштардын эл аралык конгресстерине, кеңешмелерине, форумдарына катышып турат.

1968-ж. сов. жаштар ж-а бүткүл совет эли Ленин комсомолунун 50 жылдык юбилейин белгиледи. Ата Журтка сиңирген эмгектери үчүн ВЛКСМ Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланды. Комсомол ишинин маселелери КПССтин съезддеринде, конф-яларында, пленумдарында ж-а парт. чогулуштарда талкууланып турат.

ВЛКСМ БКнын пред-лдери, биринчи ж-а ген. секретарлары: 1918-ж. ноябрдан — О. Л. Рывкин; 1919-ж. октябрдан — Л. А. Шацкин; 1922-ж. апрелден — П. И. Смородин; 1924-ж. июлдан — Н. П. Чаплин; 1928-ж. майдан — А. И. Мильчаков; 1929-ж. апрелден — А. В. Косарев; 1938-ж. ноябрдан — Н. А. Михайлов; 1952-ж. октябрдан — А. Н. Шелепин; 1958-ж. мартан — В. Е. Семичастный; 1959-ж. мартан — С. П. Павлов; 1968-ж. июндан — Е. М. Тяжельников.

ВЛКСМдин съезддеринин даталары:

РКСМдин 1-съезди	1918-ж. нояб.	29-окт.—4-
РКСМдин 2-съезди	1919-ж.	5—8-окт.
РКСМдин 3-съезди	1920-ж.	2—10-окт.
РКСМдин 4-съезди	1921-ж. сент.	21 — 28-
РКСМдин 5-съезди	1922-ж.	11—19-окт.
РЛКСМдин 6-съезди	1924-ж. июль.	12 — 18-
ВЛКСМдин 7-съезди	1926-ж. март.	11—22-

ВЛКСМдин 8-съезди	1928-ж.	5—16-май.
ВЛКСМдин 9-съезди	1931-ж.	16—26-янв.
ВЛКСМдин 10-съезди	1936-ж.	11—21-апр.
ВЛКСМдин 11-съезди	1949-ж.	29-март—8-апр.
ВЛКСМдин 12-съезди	1954-ж.	19—27-март.
ВЛКСМдин 13-съезди	1958-ж.	15—18-апр.
ВЛКСМдин 14-съезди	1962-ж.	16—20-апр.
ВЛКСМдин 15-съезди	1966-ж.	17 — 21-май.
ВЛКСМдин 16-съезди	1970-ж.	26 — 30-май.
ВЛКСМдин 17-съезди	1974-ж.	23—26-апр.

Ад.: Ленин В. И., Жаштар жөнүндө, Фр., 1958; Калинин М. И., Коммунисттик тарбия жөнүндө, Фр., 1972; Крупская Н. К., Коммунисттик тарбиянын жалпы маселелери. Педагогикалык тандалма чыгармалар, Фр., 1962; 50 лет ВЛКСМ. Документы и материалы, М., 1969; Ленинский комсомол. Очерк по истории ВЛКСМ, т. 1, (1918—1941 гг.), М., 1969; История ВЛКСМ. Живая летопись, тетрадь 1—3, М., 1966—1968; Славный путь Ленинского комсомола. Указатель литературы, М., 1965.

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ЛЕНИНДИК КОММУНИСТТИК ЖАШТАР СОЮЗУНУН УСТАВЫ—комсомолдун уюмдаштыруу түзүлүшүнүн принциптерин ж-а анын ички турмушунун жоболорун белгилөөчү негизги документ. Устав 1-жолу Жумушчу ж-а дыйкан жаштар союздарынын Бүткүл росс. 1-съездинде (1918) кабыл алынган. Азыр колдонулуп жүргөн Устав ВЛКСМдин 14-съездинде (1962) кабыл алынып, 17-съездде (1974) ага айрым өзгөрүүлөр киргизилген. ВЛКСМ КПССтин жетекчилиги м-н иштейт. Комсомолдун жетекчи органы — ВЛКСМ БК түздөн-түз КПСС БКга баш ийет. Комсомолдун уюмдаштыруу жагынан түзүлүшүнүн жетекчилик принциби — демокр. централизм. Комсомолдун негизи — баштапкы уюм. ВЛКСМдин Уставы комсомолдун негизги милдеттерин, уюмдаштыруу түзүлүшүн, комсомол мүчөсүнүн милдеттери м-н укугун, комсомолдук ички демократиянын негиздерин, комсомолдун жетекчи органдарынын түзүлүш тартибин, алардын максаттары м-н милдеттерин, комсомол уюмдарынын В. И. Ленин атн. пионер уюмуна жетекчилик кылуудагы милдеттерин, СССР Курадуу Күчтөрүндөгү комсомолдун ишин аныктайт.

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК МАМЛЕКЕТТИК КИНЕМАТОГРАФИЯ ИНСТИТУТУ (ВГИК)— СССРде кино иск-восу б-ча ар түрдүү кесиптеги кызматкерлерди даярдай турган жог. окуу жайы (Москва). 1919-ж. 1-сентябрда бүткүл дүйнө б-ча алгач прет Москвада Мамл. кино мектеби ачылып, ага В. Р. Гардин жетекчилик кылган. Анда Л. В. Кулешов, О. Л. Леонидов, Э. К. Тиссэ ж. б. кино ишмерлери сабак берген. Кино мектеби 1925-ж. Мамл. кинематогр. техникумуна, 1930-ж. Мамл. кинематогр. ин-туна айланган. 1938-ж. бул Бүткүл союздук мамл. кинематогр. ин-ту (ВГИК) болуп кайра уюшулган. Ин-тта саясий ж-а жалпы билим берүү илимдери б-ча, режиссёрдук, актёр чеберчилиги, кинодраматургия, кино таануу, кинотехника, сүрөт өнөрүнүн тарыхы б-ча кафедралар бар. Кырг-ндан бул ин-ттү 25 киши бүткөн (1974).

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК МИНЕРАЛОГИЯЛЫК КООМ — минералогия илими б-ча изилдөөлөрдү уюштуруучу ж-а багыттап туруучу уюм. 1817-ж. Петербургда уюшулган. Коомдун алгачкы уставы б-ча анын жумушун президент, директор ж-а эки ил. секретарь аткарган; туңгуч президенти проф. Б. И. Фитингоф болгон. Азыр коомдун «Записки всесоюзного минералогического общества» аттуу жылына 6 жолу чыга турган журналы бар. Журнал тоо тектер м-н кендердин минералдары ж-а геохимиясы ж-дө ил. эмгектерди жарыялайт. Ар бир 5 жылда коомдун съезди чакырылат. Коомдун алдында үч комиссия (жаңы минералдар, руда микроскоптору ж-а минералогиялык музей б-ча) иштейт. 16 бөлүмү (1974) бар. Коомдун Кырг-ндагы бөлүмү 1958-ж. уюшулган.

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ПИОНЕР УЮМУ В. И. Ленин атындагы — 10—15 жашар жеткинчектердин массалык өз алдынча коммунисттик уюму. Б. с. п. у-нун ишине КПССтин көрсөтмөлөрү б-ча ВЛКСМ жетекчилик кылат. Комсомол пионерлерге коммунисттик тарбияны мектеп, үй-бүлө м-н бирдикте, профсоюз, спорт-коргоо, чыгармачыл ж. б. коомдук уюмдар, мамл. мекемелер м-н тыгыз байланышта жүргүзөт. Б. с. п. у. уюмдун башкы максаты, түзүлүшү, уюмга кабыл алуу шарттары, пионерлердин милдети ж-а укугу аныкталган жаш пионерлердин закондору, пионердин Салтанаттуу анты, октябрятардын эрежелери берилген Жобонун негизинде иштейт. Жог. органы — ВЛКСМ БКнын жетекчилиги м-н иштөөчү В. И. Ленин атн. Бүткүл союздук пионер уюмунун Борб. совети. Б. с. п. у-нун уюштуруучулук негизинде пионер дружинасы түзөт. СССРде 25 млн. пионер бар (1974). Кыргыз ССРинде 425 438.

Б. с. п. у. пионерлерди Компартиянын ишине, совет элинин рев-ячыл, каармандык ж-а эмгектик салттарына берилгендикте тарбиялап, Ата Журтту сүйүүгө, душмандарга келишпөөчүлүккө үйрөтөт, Ата Мекенди коргоого даярдайт. Б. с. п. у. өзүнүн ишин совет элинин турмушу, анын коммунизмди куруудагы күрөшү м-н тыгыз байланыштырат. Б. с. п. у-нун ишиндеги негизги принциптер: коомдук-саясий багыттуулук, уюмга кирүүдө ж-а анын ишине катышуудагы ыктыярдуулук, жаш ж-а жекече өзгочөлүктөрдү эске алуу, пионер коллективдеринин ырааттуу ж-а системалуу иштеши, кыялкечтиктин ж-а оюндардын элементтерин кеңири пайдалануу. Отряддагы ж-а дружинадагы иштер жерг. шартты, улуттук салтты эске алуу м-н жүргүзүлөт.

СССРде балдардын коммунисттик кыймылынын түзүлүшү, калыптанышы ж-а өнүгүшү В. И. Лениндин ысымы м-н тыгыз байланышта. Партия балдардын коммунисттик кыймылын коммунисттик тарбиянын бүтүндөй системасынын составдык бөлүгү катары карайт. В. И. Лениндин РКСМдин 3-съездинде (1920-ж. окт.) сүйлөгөн программалык сөзү өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо партиянын ж-а комсомолдун бүткүл ишинин негизи болуп калды. Партиянын 12, 13, 14, 16-съезддеринин рев-яларында, партиянын Борб. Комитетинин Б. с. п. у. ж-дегү атайын токтомдорунда, КПССтин Программасында уюмдун башкы милдеттери, коммунисттик тарбиянын системасында пионер коллективдеринин орду ж-а ролу, мектеп ж-а коомдук уюмдар м-н карым-катнашы, пионерлер м-н иштөөнүн формалары ж-а методдору аныкталган. РКП(б) БКнын Уюштуруу бюросунун 1924-ж. 4-августтагы «Пионердик кыймыл жөнүндөгү» токтомунда Компартиянын идеялык жетекчилиги балдардын пионердик кыймылынын негизги милдети, коммунисттик тарбиянын мектеби болорун камсыз кылуу керек деп көрсөтүлгөн. КПССтин ж-а Совет өкмөтүнүн көрүнүктүү ишмерлери М. И. Калинин, Н. К. Крупская, С. М. Киров, Ф. Э. Дзержинский, Е. М. Ярославский, Н. И. Подвойский, А. В. Луначарский, А. С. Бубнов, В. В. Куйбышев, М. В. Фрунзе, К. Е. Ворошилов, П. П. Постышев, А. А. Андреев, М. Н. Покровский ж. б-лар пионердик кыймылга жетекчилик кылууга түздөн-түз катышкан.

Компартия жаш муундарды тарбиялоодо балдардын коммунисттик кыймылынын маанисин эске алып, балдардын бирдиктүү коммунисттик уюмун түзүүнү комсомолго тапшыргган. 1921-жылдын акырында РКСМ БК балдардын жаңы уюмунун ишп программасын ж-а принциптерин, уставын, девизин, закондорун ж-а уюштуруучулук негиздерин түзүү б-ча атайын комиссия түзгөн. Бул комиссияга Н. К. Крупская катышкан. 1922-ж. 19-майда комсомолдун Бүткүл росс. 2-конф-ясы бардык жерде пионер отряддарын түзүү ж-дө чечим кабыл алды. Бул күн Б. с. п.. у-нун туулган күнү катары белгиленет. 1924-ж. 21-январда комсомолдун Борб. Комитетинин чечими м-н пионер уюмуна В. И. Лениндин ысымы берилген. 1926-ж. мартта болгон комсомолдун 7-съездинде РЛКСМди ВЛКСМ деп кайра атоо ж-дегү токтомунан кийин пионер уюму В. И. Ленин атн.

Б. с. п. у. деп аталды. Пионер отряддары турмуштун бардык тармагына активдүү катышып, коомдук байлыкты көздүн карегиндей сактоопу көзөмөлгө алышты. 1932—33-ж. кулактарга (бай-манаптарга) каршы күрөштө Павлик Морозов, Коля Мяготин, Кычан Жакыпов ж. б. баатыр пионерлер курман болду, алардын ысымы Б. с. п. у-нун Ардак китепчесине жазылды. Чарбачылыкты өнүктүрүүдөгү активдүү иши үчүн 1935-ж. пионерлердин бир тобуна өкмөттүк сыйлык ыйгарылды [Ленин ордени Мамлакат Нахангоьага (Таж-н), «Ардак Белгиси» ордени Ишан Кадыров ж-а Хавахан Атакулова (Таж-н), Алексей Фадеевге (Ленинград обл.), Буза Шамжановага (Каз-н)].

30-жылдардын акырында Б. с. п. у-н класс — отряд, мектеп — пионер дружинасы деген принцип б-ча кайра түзүү алктады. Улуу Ата Мек. согуш жылдары пионерлер тимур кыймылын кеңири жайылтты, дары чөптөрдү, темир сыныктарын чогултушту, госпиталдарда күзөттө туруп, түшүм жыйноого кол кабыш кылышты. Немец баскынчыларына каршы күрөштөгү эрдиги үчүн пионерлер Леня Голиков, Марат Казей, Валя Котик, Зина Портноваларга Сов. Союз. Баатыры деген наам берилди, миңдеген пионер орден ж-а медаль м-н сыйланды. 1962-ж. Б. с. п. у. балдарды коммунисттик тарбиялоодогу зор иштери үчүн ж-а 40 жылдыгына байланыштуу Ленин ордени м-н сыйланды.

Пионер уюмдарында өзүн өзү башкаруу (отряд, дружина советтери, жаш пионерлердин шаардык, р-ндук штабдары, кезеги м-н өткөрүлүүчү слеттору) кеңири өнүктү. Пионер сбору—дружинанын, отряддын, звенонун жог. органы, анда коллективдин алдында турган милдеттер чечилип, иштин жыйынтыгы чыгарылып, пионер активдери шайланат, келечек пландар белгиленет ж-а бекитилет. Пионер дружиналары ж-а отряддары 1—3-класстарда октябрят группаларын түзүп, өзүнчө эреже б-ча иш алып барат. Б. с. п. у. мектептен тышкары мекемелер м-н тыгыз байланышта турат. Пионерлер үчүн *«Пионерская правда»* газетасы, 35 журнал, о. эле респ-калык газета-журналдар чыгарылып турат. Кыргыз ССРинде *«Кыргызстан пионери»* газетасы, *«Жаш ленинчи»* журналы чыгарылат.

Пионер уюмунун жетекчилери өлкөнүн 20 пед. ин-тунда, 100 пед. окуу жайында, ВЛКСМ БКнын алдындагы Комсомолдук жог. мектепте даярдалат. Б. с. п. у-нун демилгеси м-н түзүлгөн «Достук» үйү дүйнө элинин жаш жеткинчектери м-н интерн. байланыштын, жолугушуулардын ж-а кызматташтыктын борбору болуп калды.

Ад.: Директивы и документы по вопросам пионерского движения, М., 1962; Документы ЦК КПСС и ЦК ВЛКСМ о работе Всесоюзной пионерской организации имени В. И. Ленина, М., 1970; О пионерской организации, М., 1972; Гусев А. И., Год за годом. Из пионерской летописи, М., 1964; Москвин А. Д., Зарница в Киргизии, Фр., 1972.

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК РАДИО, Союз ичине радио уктуруу борбору — СССР калкына ж-а чет өлкөлөрдө турган сов. граждандарга радио уктуруу; маркстик-лениндик идеология м-н соц. мад-тты жайылтуучу информ. каражаттардын бири; сов. кабарлоо уюмунун СССР Мин. Советинин теле көрсөтүү ж-а радио уктуруу б-ча мамл. комитетинин составында. Б. с. р-нун ичине Москвадан Борб. радио уктуруу (бүт өлкөнүн калкы үчүн), союздук ж-а автон. респ-калардын борборлорунан, крайлык, обл. ж-а округдук борборлордон СССР элдеринин тилдеринде берилүүчү жерг. радио уктуруу түйүндөрү кирет. Өлкөбүздө 60тан ашык тилде 8 программа б-ча радио уктурулат. Борб. ж-а жерг. радио уктурууларды алмашуу соц. улуттардын арасындагы саясий, экон. ж-а маданий байланыштарды өөрчүтүү ж-а чыңдоо багытында иш алып барат, эмгекчилерди сов. патриотизм, пролет. интернационализм духунда тарбиялоого жардам берет. Б. с. р. эл аралык семинарларга, конкурстарга катышат, чет өлкөлүк радио уктуруу уюмдары м-н байланышып турат.

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ЭЛ КАТТОО — калктын составын ж-а санын аныктоо максатында атайын жүргүзүлгөн статистикалык текшерүү. СССРде эл каттоо 1920, 1926, 1939, 1959- ж-а 1970-ж. жүргүзүлгөн. 1974-ж. эсеп б-ча СССРдин калкы 250,9 млн. киши, 116,2 млн-у эркек, 134 млн-у аял; 149,6 млн-у шаарда, 101,3 млн-у айыл-кыштакта турат. Совет өкмөтү ж-а В. И. Ленин Э. к-ну орчундуу мамл. иш катары карап, ага зор маани берген. Э. к. жалаң гана калктын санын аныктоо м-н чектелбестен, анын жыныстык составы, жашы, үй-бүлөлүк абалы, улуту, эне тили, билими ж-а сабаттуулугу, коомдук (социалдык) тобу, иштеген иши ж. б. белгилери б-ча да кеңири маалымат чогултат. СССРде эл каттоо учурунда ж-а ага даярдык көрүү мезгилинде эл арасында кеңири агит. иштер жүргүзүлүп, бул иштин мааниси ж-а максаты түшүндүрүлөт.

БҮТКҮЛ СОЮЗДУК ЭЛЕКТР МЕХАНИКА ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУНУН Фрунзедеги филиалы — долборлоо-конструктордук ж-а технол. ил. из. мекемеси. 1961-ж. уюштурулган. Ишинин негизги багыттары: жалпы ө. ж-га, прибор курууга, а. ч. ж-а тиричиликке керектүү кичине кубаттуу электр машиналарын теориялык жактан изилдөө ж-а алардын ишенимдүү, сапаттуу жаңы конструкцияларын иштеп чыгуу; жаңы технол. процесстерди ж-а өндүрүмдүүлүгү жогору жабдууларды жаратуу ж. б. Филиал — кичине кубаттуу электр машиналарынын сапатына байланыштуу маселелер жагынан, о. эле кол аспаптарына арналган электр машиналары б-ча Республикадагы башкы ил. мекеме.

БҮТӨӨ (Delphinium) — байчечекейлер тукумундагы өсүмдүк уруусу. Бир же көп жылдык чөп. Казык тамырлуу, тамыр сабактуу, кээде түймөктүү. Жалбырактары жөпөкөй. Топ гүлү шыпыргыдай же чачыдай, гүлдөрү зигоморфтуу. Гүл коргону 5 мүчөлүү. Аталыгы көп. Мөмөсү жалбыракча, бир же бир нече уруктуу. Жер шарында 200, СССРде 85, Кыргызстанда 15 түрү белгилүү. Алар бөксө ж-а бийик тоолордо өсөт. Кырг-нда тегерек жалбырактуу Б., жыш түктүү Б. кеңири таралган. Булардын составында элатин, дельфелин алкалоиддери бар. Алардан жасалган дарылар медицинада колдонулат. Жарым сакалчалуу Б. жүн ж-а жибекти боёодо колдонулса, аяксов Б-сү кооздук үчүн өстүрүлөт.

БҮТҮН САН — $\pm n$ түрүндөгү сандар ж-а нөл саны. Бүтүн оң сандар байыркы убакта эле белгилүү болгон. Алар нерселердин санын ж-а бир катарга жайлаштырылган нерселердин тартибин мүнөздөйт. Терс бүтүн сандар алгебранын өнүгүшүнө байланыштуу киргизилген, к. *Сан.*

БҮТҮН САНДУУ ПРОГРАММАЛОО, к. *Программалоо.*

БҮТҮН ФУНКЦИЯ—бүткүл тегиздикте аналитикалык болгон комплекстик өзгөрмөлүү функция. Б. ф-га мисал болуп $a_0+a_1z+\cdots+a_nz^n$ алгебр. көп мүчө ж-а $\sin z$, e^z функциялары эсептелет. $f(x)$ функциясы Б. ф. болуш

үчүн z_0 чекитине $\lim\limits_{n\to\infty}\sqrt[n]{\dfrac{|f^{(n)}(z_0)|}{n!}}=0$

катышынын аткарылышы жетиштүү.

БҮТҮН РАЦИОНАЛДЫК ФУНКЦИЯ — $y=a_0x^n+a_1x^{n-1}+\dots+a_{n-1}x+a_n$ түрүндөгү функция. x — көз каранды эмес, өзгөрүлмө чоңдук, a_0, a_1, a_2, ..., a_n — туруктуу сандар.

БҮЧҮР — тыным абалындагы башталма *ноода* (побег). Б. башталма бүчүрдөн, сабактан ж-а жалбыракчалардан же гүлдөрдөн турат. Сабакчанын жог. учунун өсүү конусунун



Бүчүрдүн түзүлүшү: *а*—башталма сабак, *б*—өсүү конусу, *в*—башталма жалбырактар, *г*—башталма колтук бүчүрлөр, *д*—бүчүр түрпүлөр.

клеткалары бөлүнүп, сабактын жаңы ткандарын, жаңы жалбыракчаларды ж-а каптал Б-дү пайда кылат. Көп-чүлүк өсүмдүктөрдүн Б-лөрү түрпүлөр м-н капталган, алар Б-дүн ички назик бөлүктөрүн сырткы таасирлерден коргойт. Бадалчалардын, кээ бир чөп өсүмдүктөрдүн кышында кар алдында калуучу органдарында, розеткадагы жалбырактардын арасында, түймөктө, пияз түптө, тамыр сабакта ж-а тропиктеги дарак өсүмдүктөрдө пайда болгон Б-дүн түрпүлөрү болбойт. Сабактагы орундары б-ча алар чоку ж-а каптал Б-гө бөлүнөт. Чоку Б. ноодонын учунан орун алып, узарып өсүүнү камсыз кылат. Каптал Б-лөрдөн бутактар өсүп чыгат. Каптал Б-лөр жайдын аягына чейин калыптанып бүтүп, келерки жазга чейин өсүшүн токтоткондуктан, тынымдагы же кыштоочу Б-лөр деп аталат. Кургакчылыкта тропиктеги дарак өсүмдүктөрдүн Б-лөрү тыным абалына өтөт. Мөлүүн алкакта жаздын келиши м-н тынымдагы Б-дүн бир катары өсүп, жаңы ноодаларды берет. Өспөй, узак убакыт бою тыным абалында калгандары уйкудагы Б-лөр деп аталат. Алар, белгилүү шарттар болсо (ноодонын Б-дөн жог. бөлүгү үшүп кетсе, жараланса, кесилсе же шактын өнүмү начарласа), өсүп ноодага айланат. Уйкудагы Б-дүн бул өзгөчөлүктөрү мөмө бактарынын ж-а кооздук үчүн өстүрүлгөн дарактардын шактарын формага келтирүүдө, табигый тосмо катары өстүрүлөт. Сабак м-н жалбырактан турган өсүп чыгуучу Б.— вегетативдик, гүл пайда болуучулары — гүл Б. (генеративдик), ал эми гүлү ж-а жалбырагы болгон ноода өсүп чыгуучусу аралаш Б. деп аталат. Өсүмдүктүн жалбырагында, тамырында, сабагынын муун аралыктарында, эпикотилинде пайда болуучу Б. адвентивдик же көмөкчү Б-лөр делет. Уйкудагы ж-а адвентивдик Б-лөрдөн чыккан ноодалар ылдам өсөт. Сабактары узун, жоон, жалбырактары ири келет, бирок алардан пайда болгон өсүмдүктөр жапыз болот, эрте карыйт, жыгачы бекем болбойт.

БҮЧҮРЛӨНҮҮ, к. *Көбөйүү.*

БХИЛАИ, Бхилайнагар — Индиянын Мадхья-Прадеш штатындагы шаар. Калкы 204,8 миң (1967). Өлкөдөгү кара металлургиянын ири борбору. Сов. Союзунун жардамы м-н салынган металлургия комбинатында жылына 2,5 млн. *т* болот эритилет. Шаарга жакын жерден темир ж-а марганец рудалары казылып алынат.

БХУТТО Зульфикар Али (1928-ж. т.) — Пакистандын саясий ж-а мамл. ишмери. 1973-жылдын августунан Пакистандын премьер-министри. Калифорния (АКШ) ж-а Оксфорд (Улуу Брит.) ун-ттеринде окуган. 1958—66-ж. Пакистандын бир катар министрлерунун башында турган. 1965—66-жылдарда Пакистандын мусулмандар лигасы партиясынын ген. секретары. 1967-ж. Пакистан элинин партиясын негиздеп, ошондон бери ал партияга башчы. 1971-ж. декабрдан 1973-жылдын августуна чейин өлкөнүн президенти, андан кийин премьер-министр. СССРге бир нече жолу келип кеткен.

БЧК, Красный Восток — Чүй р-нундагы Кең-Булуң сельсоветине караштуу кыштак. Райондун борборү Старо-Покровкадан 12 *км* бат. тарапта, Ивановка т. ж. станциясынан 8 *км.* Калкы 712 (1974). Сегиз жылдык мектеп, клуб, медпункт, китепкана, кыштактын аймагында ПМК, темир-бетон з-ду бар.

БЧК, к. *Батыш Чоң Чүй каналы, Чыгыш Чоң Чүй каналы.*

БЫДГОЩ — Польшанын түндүгүндөгү порт шаар. Быдгощ воеводствосунун админ. борбору. Калкы 280,8 миң (1970). Шоссе ж-а темир жол тоому. Брда д-нын жээгинде. Машина куруунун негизги борбору. Электр тех., так механика, станок куруу, велосипед чыгаруу, жыгач иштетүү, тери, химия, тамак-аш ө. ж-лары өнүккөн.

БЫЖЫ — кыргыздын улуттук тамагы. Жаңы союлган койдун боорун ээзип, ич майы м-н боор этинен майда туурап, татымына жараша туз, мурч же калемпир, пияз, кээде сарымсак кошуп аралаштырылат да, мөөнгө же жоон ичегиге салып, эки учун жип м-н бууйт. Көп учурда бул аралашмага көптүрүлгөн күрүч кошулат. Б. эт бышкандан 1 *с* мурда казанга салынып, бышканда ысык бойдон дасторконго коюлат.

БЫКОВ Яков Васильевич (26. 1. 1913-ж. т., Чуваш АССРи, Торханы кыш.) — сов. математик, физ.-матем. илимд. доктору (1961), проф. (1962), Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1963). Казань ун-тин (1938) бүтүргөн, Кырг-ндын жог. окуу жайларында иштеп, интегро-дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу б-ча изилдөөнү жолго койгон. Илимдин бул тармагы б-ча кадрлар даярдаган *(М. Иманалиев,* А. Искендеров, О. Жолдошев, Ж. Мамытов, С. Каримов, С. Абдыкалыков ж. б.). Ондогон ил. эмгектин автору. «Дифференциальные уравнения» журналынын редколлегия мүчөсү.

Чыг.: О некоторых задачах теории интегро-дифференциальных уравнений, Фр., 1957; О периодических решениях интегро-дифференциальных уравнений, в сб.: Исследования по интегро-дифференциальным уравнениям в Киргизии, в. 1, 1961 (совм. с М. Иманалиевым); К теории одного класса систем параболического типа, в сб.: Исследования по интегро-дифференциальным уравнениям в Киргизии, в. 4, Фр., 1967 (совм. с А. И. Боташевым).

БЫКОВСКИЙ Валерий Фёдорович (2. 8. 1934-ж. т.) — СССРдин учкуч-космонавты, полковник, Сов. Союз. Баатыры (1963). 1963-жылдан КПСС-тин мүчөсү. Москва аэроклуб мектебин, 1955-ж. учкучтардын Качинск аскер-авиац. окуу жайын, 1968-ж. Г. Е. Жуковский атн. Аскер-аба инженердик академиясын бүтүргөн. 1963-ж. 14—19-июнда «Восток-5» космос кемеси м-н 110 *с* та Жерди 81 жолу (3,3 млн. *км*) айланган. 16-июнда ал В. В. Николаева-Терешкова башкарган «Восток-6» космос кемеси м-н бирге учкан. Ленин ордени, Кызыл Жылдыз, чет элдик ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.



Я. В. Быков.



В. Ф. Быковский.

БЫЛЖЫРЛУУ ЧЕЛ — омурткалуу жаныбарлар м-н адамдардын тамак сиңирүүчү, дем алуучу ж-а жыныстык түтүкчөлөрүнүн ички бетин бүт каптап туруучу жука (0,5 *мм* ге жакын) чел. Анын бети бездер бөлүп чыгарган былжырак заттар м-н дайыма капталып тургандыктан, Б. ч. деп аталат. Б. ч. негизги, булчуң ж-а астыңкы былжыр катмарынан турат. Б. ч-дө кан тамырлары ж-а нерв түйүндөрү бар.

БЫЛИНАЛАР — орус элинин эпостук ырлары. Орус фольклорунун башка жанрларына караганда Б. негизинен 11—16-к-да жашаган тарыхый адамдар м-н окуяларды чагылдырган. Орус Б-ы киев ж-а новгород Б-нан турат. Киев циклине баатырлардын монгол-татарлар м-н болгон согушун көрсөткөн баатырдык ырлары топтолгон. Мис., Илья Муромец, Добрыня Никитич, Алеша Попович ж. б. Новгород циклине новеллалык, турмуш-салт, махабат ырлары кирет. Алар: «Василий Буслаев» ж-а «Садко». Элдик Б-ды изилдөөнү В. Г. Белинский баштап, аны Н. И. Добролюбов ж. б. улантышкан. М. Горький Б-ды жогору баалаган.

БЫРРАНГА ТООЛОРУ — Таймыр ж. а-нын түн. бөлүгүндөгү анча бийик эмес, адыр-күдүрлүү тоо тизмеги. Бири бирине жарыш жаткан тизмектерден ж-а күдүрлүү кеңири платолордон турат. Уз. 1100, туурасы 200 *км.* Кумдук ж-а интрузия тоо тектеринен (габбро-диабаз, базальт) түзүлгөн. Эң бийик чокусу 1146 *м.* Климаты суук, кескин континенттик, январдын орт. темп-расы — 30° тан —33°С, июлдуку 2—10°С. Жылдык жаан-чачыны 250—400 *мм.* Кыртышын түбөлүк тоң каптап жатат. Тундра өсүмдүктөрү (мох, эңилчек) өсөт. Лемминг, түлкү, бугу, ак үкү, уюл кекилиги ж. б. айбанаттары бар.

БЫСТРОВКА — шаар тибиндеги посёлок. Кыргыз ССРинин Кемин р-нунун борбору. Чүй суусунун сол жээгинде, Фрунзе — Рыбачье шоссе ж-а

т. ж-дорунун боюнда. Фрунзеден 95 *км* чыг. таранта. Калкы 10 855 (1973). Б-да электр тех., нан, сүт заводдору, автобаза, жыгач иштетүүчү цех ж. б. ишканалар, турмуш-тиричилик комбинаты, 2 орто, 2 сегиз жылдык, 1 муз. мектеп, пионерлер үйү, эки кинотеатр, райондук оорукана, 3 китепкана бар.

БЫТИЕ — адамдын ач-сезимиңен, эркинен тышкары жашаган объективдүү дүйнөнү, материяны туюндурган филос. категория. Б.— адам турмушунун, ишаракетинин зарыл шарты ж-а булагы. Философиянын тарыхында Б. ж-до материализм м-н идеализмде ар түрдүү концепциялар болгон. Материализм Б-нин негизин материя түзөт десе, идеализм, тескерисинче, Б-нин негизи идея деп санайт. Б. ж-дөгү алгачкы концепциялар байыркы грек философиясында Сократка чейин эле пайда болгон. Философ Парменид Б-ни ойлоо м-н окшош десе, *Гераклит* анын дайыма өзгөрүп, жаңырып, кайрадан түзүлүп турарын көрсөткөн. *Платон* болсо туюмдуу перселерге караганда «таза идеялар» нагыз Б. болот дейт. *Аристотель* Б-нин түрлөрүн болуп, аны бардык категориялардын жалпы предикаты болот деп эсептеген. Ал материя м-н форманын өз ара байланышы ж-дөгү илимге таянып, форманы Б-нин ажырагыс мүнөзү деп түшүндүргөн. *Кайра жаралуу доорунда* илим м-н техника өнүгүшүнө ж-а материалдык байлыктарды өндүрүүнүн өсүшүнө байланыштуу Б-нин материалдык концепциясы калыптана баштаган. 17—18-к-дагы илимпоз-философтор Б-ни адам катышпаган, өзүнөн өзү аракетке келип турган механизм деп эсептешип, адамды табиятка карама-каршы коюшкан ж-а Б. м-н ойлоо маселесин натуралисттик түрдө түшүндүрүшкөн. Бул концепциянын ар кыл түрлөрүн Ф. *Бэкондун*, Т. *Гоббстун*, Ж. *Локктун*, Б. *Спинозанын* филос. системаларынан, француз материалисттери м-н Декарттын физикасынан учуратууга болот. *Гегелдин* системасында Б.— духтун өзүн өзү таанышындагы өткөөл момент. Гегель Б-ни абс. духка шайкеш келген, ар дайым кыймылда турган, субъект формасында ач-сезимде чагылган ишаракет объекти деп түшүнөт.

Маркс философиясы Б. ж-дөгү маселени эки көз караштан талдайт: биринчиден, Б. материя ж-а билимдин объектиси деп, аны ар түрдүү тармактарга ажыратат; экинчиден, коомдук Б-ни адамзат тарыхынын өнүгүшүндөгү социалдык практиканын натыйжасы деп, Б-нин тарыхый өнүгүшү ж-дөгү концепциялы куббаттайт. Марксизм коомго карата «коомдук Б.» деген терминди колдонот. Коомдук Б.— материалдык дүйнө, практикалык турмуш. Табигат Б-си н-н социалдык Б-нин өз ара байланышын түшүндүрүүдө диалек. материализм табигат Б-син биринчи деп билет. Илим м-н техниканын өнүгүшүнүн натыйжасында гана адамдын таанып-билген дүйнөсүнүн чеги кеңеет. Маркс ач-сезим м-н Б-ге мындай аныктама берет: «Ач-сезим...— таанып-билинген бытие, эч качан башка эч нерсе боло албайт, ал эми адамдардын бытиеси — алардын турмушунун реалдуу процесси» (Маркс К., Энгельс Ф., Соч. 2 изд., т. 3, стр. 25). Табигый ж-а социалдык Б-нин өз ара байланышы ж-дөгү маселени чечүүдө диалек. материализм табигаттын биринчилигин, табигат дүйнөсү адамдардын ишаракеттерине көз каранды болбой жашай турганын белгилеп, социалдык же коомдук Б. табигый Б-ден обочолонуп турбаганын да ачык-айкын көрсөтөт.

Ад.: Маркс К. и Энгельс Ф., Святое семейство, Соч., 2 изд., т. 2; Энгельс Ф., Немецкая идеология, там же, т. 3; Ленин В. И., Философиялык дептерлер, Чыг., кырг. бас., 38-т.; Ошонуку, Материализм жана эмпириокритицизм, ошондо эле, 14-т.; Плеханов Г. В., О материалистическом понимании истории, Избр. философские произв., т. 2, М., 1956.

БЫЧАК — бир жак кыры миздүү кесүүчү аспап. Таш, коло доорунда пайда болгон. Б. адегенде таштан, колодон, кийин темирден жасалган. Кыргыз элинин турмушунда да Б. кеңири колдонулган. Жасалышына карата ал бир нече түргө (бычак, шамшар, маки, кыцырак ж. б.) болунүп, мүйүз, соок ж-а катуу жыгачтар м-н санталган. Азыр Б-ты негизинен жерг. о. ж. ишканалары жасайт.

Техникада машиналар м-н аспаптардын кесүүчү бөлүгү да Б. деп аталат. Жыгач иштетүүдө кыймылдуу (фрезалык ж-а дискалуу), кыймылсыз ж-а алга-артка жылуучу (фанера кескич, таарыгыч) Б-тар пайдаланылат. Электр техникада рубильниктин кыймылдуу контакттары да Б. деп айтылат.

БЫЧАЛГЫ—жылкынын, үйдүн шыйрак терисинин дарты. Ал механикалык — шагыл, ташка урунуудан, чоңор тилүүдөн, чалчык, шүүдүрүм аңызга жаюудан; химиялык — аңы таш чаңына, нефть чалчыгына күйгүзүүдөн, жугуштуу ыландын ылаңдаткычгарынан, ар түрдүү уугуудан ж. б-дан пайда болот. Дарт патологиялык процесстин өнүгүшүнө жараша бир нече түргө бөлүнөт; эритемалуу Б-да малдын териси кызарып, шуудурап курган, жүнү кырчылат; экземалуу Б-да терисе майда ыйлаакчалар чыгып, жарылып, карттанат, асты принцейт; гангреналуу Б-да терининн ж-а аның жанындагы катмарлары бузулуп, чирийт; чор Б-да тери калындап, жүнү түшөт, ар кайсы жери жарылат, андан сасык, сары кочкул суюктук же ириң агат. Дарылоо: адегенде дарттын себебин таап, жараны тазалоо керек; эритемалуу ж-а экземалуу Б-да — йод, глицерин, пиоктанидин спирттеги 1% аралашмасына кебез чылап, ооруган жерге басат, висмут же цинк майын сыйпайт. Гангреналуу Б-га операция жасалат.

БЫЧМАЛ — бычылган мал, к. *Бычуу*.

БЫЧМАЧЫ — кийимдердин бардык түрүн *(койнок, чапан, ичик, тон, бешмант, шым,* кийме *элечек, калпак, тебетей* ж. б.), үй буюмдарын *(көшөгө, алк кап, күзгү кап, күржүн, жууркан, төшөк, көлдөлөң, көрпөчө, тердик, шырдак,* секичек ж. б.) бычын-тиге билген адам. Илгери ар бир айылда бир нече Б. болгон. Алар муктаж кишилердин кийим-кечеги бычым, тигин берип, кол акысын алышкан. Азыр Б-лык өндүрүштүк мүнөзгө өткөн.

БЫЧУУ — малдын жыныс бездерин хирургиялык жол м-н алып таштоо. Бычылган мал жоош келип, борго байлаганда жакшы семирет. Эти сапаттуу болот. Б. кээде малдын жыныс мүчөсүнүн сезгенишин, башка жаратарын айыктыруу үчүн жасалат. Бычылган айгыр — ат, бука — өгүз, кочкор ирик деп аталат. Жылкы быштын кезинде, торпок 6 айлыгында, козу-улак 4—6 айлыгында, тороной 7—9 жумалыгында, мелүүн мезгилде (демейде жазында, кээде күзүндө), түшкө чейин бычылат.

БЫЧУУЧУ МАШИНА—бычууга даярдалган кат-кат полотнону үлгү б-ча кесүүчү машина. Кездеменин бычылышы машинанын конструкциясына, кездеменин калыңдыгына ж-а сапатына жараша болот. Тигүү өндүрүшүндө көбүнчө түз ж-а диска түрүндөгү бычактуу машиналар колдонулат. Мындай машинанын бычагы болоттон жасалып, алды-артына жылат. Бычагы диска түрүндөгү машина кесүүгө даярдалган материалды тез кесип болот.

БЫШТАК — 1) приген же притилген сүттү кайнатканда бөлүнүп чыккан коюусу; 2) сүт з-дорунда ж-а комбинаттарында сүттөн атайын жасалуучу жегиликтүү мүнөз тамак.

БЫШТЫ — 3 жаштагы жылкы; кээде жылкыдан башка бодо малга карата да айтылат. Мис., бышты поопаз, бышты кунаажын ж .б.

БЫШЫКТООЧ — кыймыл-аракеттин сыпатын, мезгилин, ордун, себебин, максатын, сан-өлчөмүн бышыктап, тактап көрсөтүүчү айкындооч мүчө. Кыргыз тилинде Б. милдетин негизинен сын атооч, сан атооч, тактоочу, чакчылдар, мейкиндик жөндөмөдөгү зат атоочтор, жандоочтук айкаштар *(Шаарга карай* кетти), идиомалар *(Көз ачып жумганча* келип калды), барыш жөндөмөдөгү кыймыл атоочтор *(Акылдашууга* келдим), чыгыш жөндөмөдөгү атоочтуктар *(Коркконунан* келбей калды) ж. б. аткарат.

БЫШЫКТЫК — катуу перселердин үзүлүүгө (талкалануугa) көрсөткөн каршылыгы. Катуу перселердин бышыктыгы — перселерди түзүп турган бөлүкчөлөрдүн (атомдордун, иондордун) ортосундагы өз ара аракеттешип күчтөрүнүн натыйжасы. Катуу заттардын бышыктыгы эң оболу алардын ички түзүлүшү, б. а. байланыш күчүнүн мүнөзү, кристаллдык торчонун тиби, кристаллдын өлчөмү, алардын өз ара жайланышы м-н аныкталат. Б. темп-рага, сыртқы күчтүн көлөлуу ылдамдыгына ж-а ички чыңалуунун болуңүшүно көз каранды. Катуу перселердин бышыктыгы 2 жол м-н чоңойтулат: 1) кристаллдык персени үзүлүүгө (талкалануугa) алып келүүчү анын бетиндеги же ичиндеги эң майда (микро) жаракачаларды болтурбоо; 2) кристаллда болгон майда жаракачалардын чоюшуна, таралышына мүмкүндүк бербоо. Биринчи учурда дефектисиз кристалл алуу керек. Мындай кристаллдарда жараканы пайда кылуучу ички дефектилер жок болуп, аның бышыктыгы теориялык маанисине жакын болот. Б-ты арттыруунун 2-жолу — кристаллдын ички дефектисин көбөйтүү. Дефект көп болсо, ал жараканын чоюшуна, таралышына тоскоолдук кылат да, натыйжада Б. артат. Инженердик практикада Б. машинанын болүктөрүнүн жумушка жарамдуулугун ж-а аның конструкциясын эсептөөнүн негизги чени катары кабыл алынат. Тетиктердин Б. касиетин мүнөздөө, күчтөрдүн ж. б. тааспрлердин натыйжасында ал тетикте пайда болуучу чыңалышты ар бир материал үчүн тажрыйба жүзүндө аныктаган талкалануу чектерине салыштыруу жолдору м-н жүргүзүлөт. Материалдардын бышыктыгы темпрага, күч келтирүүнүн түрүнө ж-а узактыгына, тетиктин формасына ж-а өлчөмүнө, айлана-чөйрөнүн таасирине жараша болот.

БЬЕФ—бирн бирине удаалаш курулган плотиналардын же шлюздардын ортосундагы дарыя же каналдын бөлүгү. Плотинадан жогору жаткан бөлүгү — жогорку Б., төмөн жаткан бөлүгү төмөнкү Б. болот. Эки дарыянын пугун бириктирип, кеме өткөрүү максатында шлюздалып салынган каналдарда тепкич-тепкич түрүндөгү Б. түзүлөт. Эгерде канал эки пунктун арасындагы дөңсөө жерден кесип өтсө, ал дөңсөөнүн эң бийик жериндеги каналдын бөлүгү суу болгуч Б. деп аталат.

БЭКОН Фрэнсис (22. 1. 1561—9. 4. 1626) — англ. философ-материалист, мамл. ишмер, англ. материализмдин негиз салуучусу. Кембридж ун-тинен таалим алып, мамл.-саясий кызматтарда жүрүп (1618—21), өмүрүнүн акыркы жылдарын жалаң философияга арнаган. «Жаңы Органон», «Жаңы Атлантида» ж. б. эмгектеринде келечектеги бурж. коомдун өсүшү илим м-н техникага байланыштуу экенин далилдеген. Б. нааданчылык м-н схоластикалык көз караштарга каршы чыгып, жаратылыш сырларын ачууга ж-а табигат күчтөрүн ийге келтирүүгө илимдин гана күчү жетет деп эсептеген. Ал дүйнө материялуу, дайыма кыймылда турат деп ишенген. Философияда эмпириялык методду иштен чыгып, тажрыйбага негизделген билим гана чын болот деген. Логикада индукциялык методго негиз салган.



Ф. Бэкон.

Бул метод ар түрдүү фактыларды белгилүү бир тартип м-н жыйноо, алардан корутунду жасоо, анан ошол корутундуну кайрадан жыйналган башка фактылар м-н салыштыруу зарылчылыгын талап кылат. Саясатта Б. пайда болуп келе жаткан буржуазияны колдоп, феодалчылыктын бардык көрүнүштөрүнө каршы чыккан. Филос. көз караштарында айрым чектелгендиктер бар болсо да, илим м-н философиянын өнүгүшүнө чоң көшумча көшкон. Аны марксизм-ленинизм классиктери жогору баалашкан.

Ад.: Герцен А. И., Избр. философские произв., т. 1. М., 1948; Милонов К. К., Философия Франциска Бэкона, М., 1924; Мельвиль М. Н., Френсис Бэкон, М., 1961.

БЭР ЗАКОНУ — меридиан багыты б-ча аккан дарыялардын жээктеринин жемирилиш тик жарга айланып себептерин түшүндүрүүчү жол-жобо. Азыр түн. жарым шардагы дарыялардын оң жээги, ал эми түш. жарым шарда сол жээги жемирилип, жарга айланып кеткендиги байкалат. Мындай көрүнүш Жердин өз огунда айланыш таасиринен келип чыгаарын 1857-ж. орус акад. К. М. Бэр далилдеген. Анткени айлануу кыймылындагы системада ар бир зат *Кориолис ылдамдануусуна* ээ болот. Ошол себептен суюктук м-н аба массалары жердин кыймылына карама-каршы багыт алат да, түн. жарым шарда — оң, түштүктө сол жакка карай аракеттенет. Б. з-на Днепр, Дон, Волга, Обь, Иртыш, Лена д-ларынын жээктери далил боло алат. Дунай м-н Нил д-нын оң жээктери бийик, жарлуу келип, сол жагы жапыз, жайык.

БЭРД, Бёрд Ричард (25. 10. 1888—12. 3. 1957) — амер. полярдык изилдөөчү, учкуч, адмирал. Амер. антарктикалык при төрт экспедицияга жетекчилик кылган. Биринчи жолу (1928—30) Б. Антарктиканын ички, алыскы райондоруна чейин жеткен. 1929-ж. ноябрда Түш. уюлдун үстүнөн учуп өткөн. Экинчи экспедиция (1933—35) убагында сейсмикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп, Бат. Антарктидада таш көмүрдүн ири кени бар экендиги ырасталган. Үчүнчү экспедиция (1939—41) негизинен Антарктиданын айрым болүктөрүнө АКШнын суверенитетин бекитүүгө багытталган. Төртүнчү экспедиция (1946—47) АКШнын аскер-деңиз башкармасы тарабынан уюшулуп, Бат. Антарктиданын жээк болүктөрүнө ж-а ички р-ндорунда аэрофотосъемка жасалган. Экспедициялардын учурунда геогр., метеороло., геол. ж. б. байкоолор жүргүзүлгөн; Рокфеллер платосу, Амундсен муздугу, Уолгрин жээги, Флетчер а., Мэри Бэрд жери ж. б. ачылган. Амер. антарктика ил. станциясы Б. ысымы м-н аталган.

Ад. Трешников А. Ф., История открытия и исследования Антарктиды, М., 1963.

БЭЭ — тубар жылкы. Айгырдан кичине, жоош. Андан эт, сүт алынат. Эти жегиликтүү. Сүтүнөн *кымыз* ачытылат. Бышты курагынан үйүрго кошулат. Кысыр Б. күч унаа катарында пайдаланылат, к. *Жылкы чарбасы*.

БЭЭ БАЛЛОО — кымыз ачытуу үчүн бээ саан алуу. Чарбадагы жылкынын санына, сапатына жараша атайын ферма уюштурулуп, кулун отукканда (25—30 күн) *желеге* байланат да, бээ саала баштайт. Бул үчүн жылкычыдан тышкары саанчы дайындалып, ага 15—20 бээ бекитилет. Бээ эзелтен бери кол м-н саалып келген. Азыр машина м-н да саалат. Мында иштин өндүрүмдүүлүгү 2—3 эсе жогорулап, сүт таза болот (к. *Кымыз*). Бээ күндүз 2 с та бир саалып, түшкүсүн кулундары м-н от жерге багылат. Кыргыз жаңы жылкысы 4—5 айда орто эсеп м-н 500—600, сүттүүсү 1500—2000 *кг* сүт берет.

БЮДЖЕТ (англ. budget — капчык) — 1) мамлекеттин ачылай киреше м-н чыгымын белгилүү мөөнөткө болуштүрүп жазуу (к. *Мамлекеттик бюджет*). 2) Ишкана, мекеме, уюмдун ж-а айрым адамдын ар түрдүү киреше ж-а чыгым (акчалай) планы. 3) Убакыт Б-и — айрым адам, үй-бүлөдө же калктын кай бир тобунда убакыттын пайдаланылышына жараша болуштүрүлүшү.

БЮДЖЕТ ИНДЕКСИ (жашоо наркынын индекси) — материалдык турмуш деңгээлинин динамикасын талдоо көрсөткүчү. Ал коомдун бир группасынын керектөө көлөмүн, структурасын мүнөздөөчү товар ж-а тейлөө кызматынын тиешелүү тобунун наркы жагынан өзгөрүшүн көрсөтөт. Б. и-нин тууралыгы индексти эсептөө методуна, бюджеттик топтун толуктугуна, типтүүлүгүнө, баа өзгөрүшүн тизмектөөнүн тууралыгына байланыштуу болот. Б. и. капит. өлкөлөрдө жашоо наркынын өсүшүн жашыруу үчүн колдонулат. Аларда Б. и. атайын төмөн эсептөөго ылайыктуу бюджеттик топ тандалып алынып; байкоо жүргүзүлөт. Ага эмгек акысы жогорку жумушчулар м-н кызматчылар ж-а товарлар киргизилет. Бюджеттик топто баасы тез өсүүчү, эл көп керектөөчү товарлар эң аз көрсөтүлөт. СССРде жашоо деңгээлинин көрсөткүчү көп маалыматтын ж-а бюджеттик байкоонун негизинде иштелип чыгат. Бюджеттик байкоо жумушчу ж-а колхозчулардын үй-бүлө-

сүндө жыл бою жүргүзүлгөндүктөн, ал так болот да, чындыкты көрсөтөт.

БЮДЖЕТ КОМИССИЯСЫ — жогорку ж-а жерг. бийлик органынын мамл. бюджетти карап чыгуучу туруктуу комиссиясы. 1967-ж. Б. к. пландоо-бюджет комиссиясы деп аталган. Ал эл чарбасынын мамл. планы м-н бюджетинин долбоорун, алардын аткарылышы ж-дөгү отчётту ж. б. финансы маселелери б-ча чыгарылуучу актыларды алдын ала карап чыгат. Бул комиссия мамл. бюджет м-н пландын долбоору б-ча тармак комиссияларынын пикирин ж-а сунуштарын кеңири пайдаланат. Ал тармак комиссиялары м-н макулдашуунун негизинде тийиштүү долбоор б-ча жыйынтык чыгарат.

БЮДЖЕТ СИСТЕМАСЫ — мамлекет бюджетинин, бюджет жагынан өз алдынча мекеме бюджеттери м-н счетторунун ж-а фондуларынын жыйындысы. Бул экон. байланыш м-н нормаларга негизделет. Б. с-нын сапаты өлкөнүн социалдык экон. түзүлүшүнө, ал эми аны түзүү, уюштуруу мамлекеттин формасына, админ. түзүлүшүнө байланыштуу.

Капит. өлкөдөгү Б. с. Бириккен мамлекеттер (мис., Улуу Британия, Франция ж. б.) Б. с. мамл. бюджеттен ж-а жерг. өзү башкаруучу органдардын бюджетинен, федералдык мамлекеттерде борб. федералдык бюджеттен, федерация мүчөлөрүнүн бюджетинен (АКШда штаттарда, Швейцарияда кантондордо ж. б.) ж-а жерг. бюджеттен түзүлөт. Айрым бюджеттер бири бирине карама-каршы келип, ар түрдүү бурж. группировканын ж-а таптардын карама-каршылыктарын чагылдырат. Өндүрүштүн концентрацияланышы, капиталдын топтолушу, монополиялык бийликтин күчөшү Б. с-нын бюрократтык борборлоштурулушун пайда кылат. Б. с-нын киреше булагынын басымдуу бөлүгү мамл. бийликке тиешелүү. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө Б. с-н уюштуруу феодализм м-н колониализмдин калдыктарын жоюуга багытталган (ЕАР, Индия, Бирма ж. б.).

Соц. өлкөлөрдөгү Б. с. СССРде союздук респ-калардын мамл. бюджети м-н союздук бюджет биригип, СССР мамл. бюджетин түзөт. СССР мамл. бюджетине мамл. социалдык камсыздандыруу бюджети да таандык. Союздук респ-канын мамл. бюджетине респ-калык бюджет, автон. респ-калык ж-а жерг. бюджет карайт. Ар бир край, область, улуттук округ, район, шаар, айылдык ж-а селолук Советтердин жерг. бюджети бар. Б. с. 50 миңге жакын бюджетти камтыйт. Союздук бюджеттин кирешеси жалпы союздук ишкана пайдасынан, сырткы соода кирешесинен, мамл. мекемелердин социалдык камсыздандыруу б-ча мүчө акысынан, айлануу салыгынан ж. б. жалпы мамл. кирешеден; респ-калык, жерг. бюджет негизинен респ-калык ж-а жерг. органдарга караштуу чарбалардын кирешесинен түшкөн төлөөлөрдөн, о. эле жалпы мамл. бюджеттик киреше ж-а салыктан бөлүнгөн каражаттан куралат. СССРдин союздук бюджети союздук органга тийиштүү ж-а союздук маанидеги чарба, мад-т тармактарын, о. эле өлкөнү коргоо, бүткүл союздук мамл. органдарды ж-а башкарууну финансылайт. Респ-калык органдарга караштуу тармактар союздук респ-калардын мамл. бюджетинен, жерг. чарба тармактары ж-а айрым жерлердеги калкты социалдык-маданий жактан тейлөөчү мекемелер жерг. бюджеттен финансыланат. Буларды чыгымдоо ж-а пайдалануу союздук, респ-калык ж-а жерг. органдарга жүктөлөт. Башка соц. өлкөлөрдүн Б. с. СССРдин Б. с. принциптерине негизделип түзүлөт.

Ад.: к. Мамлекеттик бюджет макаласынын аягынан.

БЮДЖЕТ СТАТИСТИКАСЫ — статистиканын калктын турмуш деңгээлин изилдөөчү бөлүгү. Эмгекчилердин материалдык ж-а рухий жактан камсыз болуу деңгээли мамл. отчёттордун, ар түрдүү каттоонун, статистикалык байкоонун негизинде талданат. СССРде Б. с. жумушчулардын, колхозчулардын, кызматчылардын үй-бүлөсүнүн кирешесин, чыгашасын ж-а керектөө деңгээлин, алардын ар бириндеги структуралык өзгөрүүсүн изилдейт. Улуттук кирешенин түзүлүшүн ж-а аны бөлүштүрүүнү, эмгекчилердин накта кирешесин эсептөө, баланстын кээ бир түрүн түзүү үчүн Б. с-нын маалыматтары пайдаланылат.

БЮДЖЕТТИК ПЛАНДОО — соц. өлкөлөрдө мамл. бюджетти түзүү ж-а аткаруу процесси. СССРдин мамл. бюджети эл чарба пландарынын көрсөткүчтөрүнүн, ишканалардын ж-а мекемелердин финанс. пландарынын, ар түрдүү баланстын ж-а сметанын негизинде түзүлөт. Б. п-до чарбанын ички ресурстарын толук мобилизациялоо көрсөтүлөт, калктын бюджетке жумшалуучу каражатынын көлөмү аныкталат, соц. өндүрүштү зарыл ресурс м-н толуктоо иштери белгиленет. Б. п. демокр. централизм принцибине ылайык ишке ашырылат. Бюджетти түзүүдө ж-а талдоодо, союздук, автон. респ-калардын, эмгекчилер депутаттарынын жерг. Советтеринин суверендүүлүк укугун сактоо камсыз кылынат. Респ-калардын жерг. бюджеттеринин негизги көрсөткүчтөрү, о. эле алардын расчёттору ар бири тийиштүү мамл. башкаруу органдарында каралып бекитилет.

БЮКСТАР (нем. Büchse — банка) — тыгыз жабылуучу, капкактуу жука айнек идиштер, к. *Химиялык идиштер.*

БЮЛЬ-БЮЛЬ (өз аты-жөнү — Мамедов Мартуза Мешади Раа оглы; 1897—1961) — азерб. совет ырчысы (лирика-драмалык тенор), СССР эл артисти (1938). Жашынан булбулдун үнүн туурап жүрүп Булбул (азерб. Бүлбүл) атка конгон. Баку консерваториясын Н. И. Сперанскийдин классы б-ча бүтүрүп (1921—27), Миланда (Италия) ырчылык өнөрүн өркүндөтүп келген. 1940-жылдан Баку консерваториясынын проф. Аткарган партиялары: Көр уулу (У. Гажибеков, «Көр уулу»), Саро (Тигранян, «Ануш»), Ашык-Гариб (Глиэр, «Шахсенем»). Классикалык опералардан аткаргандары: Ж. Вердинин «Риголеттосунда» Герцог, Пуччининин «То́скасындагы» Каварадосси. Б. СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1950). Азерб. ССР Жог. Советинин (1—3-шайл.) депутаты. Б. бир нече орден ж-а медаль м-н сыйланган.

БЮРЕТКАЛАР — көлөмдүк анализде эритмелердин көлөмүн өлчөө үчүн колдонулуучу, бөлүкчөлөргө бөлүнгөн крандуу ж-а цилиндр формасындагы ичке айнек түтүктөр, к. *Химиялык идиштер.*

БЮРОКРАТИЯ (фр. bureau — бюро, канцелярия, гр. krátos — күч, бийлик, үстөмдүк) — үстөмдүк кылуучу таптын мүдөөсүнө кызмат кылган, кеңири эл массасынан кол үзгөн, иш-аракетинде мазмунга караганда формага айрыкча көңүл бөлгөн, мамлекет тарабынан бөтөнчө авторитеттен пайдаланган адамдар тобу; негизинен эксплуатациялоого негизделген мамлекеттерде башкаруу ж-а иш жүргүзүү системасы. Марксизм-ленинизм классиктери Б-нын пайда болуу м-н өнүгүү жолун тарыхый-материалистче көз караштан түшүндүрөт. Алар бул процесстерди менчик формаларынын келип чыгуу, өзгөрүү, эмгектин (асыресе башкаруу эмгегинин) социалдык бөлүнүү процесси м-н байланыштырат. Башкаруу Б. системасы кул ээлөөчүлүк доордогу мамлекеттердин бардыгында бар болгон. Кийин ал коомдун келерки формацияларына өтүшүнө, бийликтин барган сайын борборлоштурулушуна байланыштуу чыңдалган. Б. асыресе 19-к-да өтө күчтүү өнүккөн. К. Маркс ошол кездеги француз буржуазиясынын бюрократиялык ж-а аскердик уюмун мүнөздөп келип, аны самодержавиелик монархиянын тула боюн каптаган мителерге салыштырган: «Бардык төңкөрүштөр бул машинаны талкалоонун ордуна аны жетилдирип өркүндөтө берди» (Маркс К. ж-а Энгельс Ф., Танд. чыг., 1-том, 340-б.). Б. империализм доорунда өзгөчө АКШ м-н Англияда андан ары өнүккөн. К. Маркс тарыхта биринчи ирет саясий турмуштун формасы катарында Б-нын таптык негизин ачып, соц. рев-янын жеңишинин алгачкы шарты катарында бурж. машинаны талкалоо милдетин формулировкалаган. В. И. Ленин «Мамлекет жана революция» деген эмгегинде капитализмдин шарттарында чиновниктик аппарат «...бюрократтыкка, б. а. массадан кол үзгөн, массанын үстүндө турган, артыкчылыкка ээ болгон адамдарга» (Чыг., кырг. 1-бас., 25-т., 550-б.) айланышы мүмкүн экенин айтып келип, жеңиштүү соц. рев-янын жүрүшүндө Б-ны жоюу принциптерин иштеп чыккан. Падышалык Россияда полицейлик-бюрократтык аппарат жумушчу табы м-п дыйкандардын рев-ячыл күрөшү күчөгөн кезинде өзгөчө өнүккөн. Улуу Окт. рев-ясы ж-а дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндөгү соц. рев-ялар эзүүчү таптардын мүдөөсүнө кызмат кылган эски полицейлик-бюрократтык машинаны талкалап, мамлекетти башкаруунун чыныгы элдик, демокр. органдарын түздү. Коммунисттик коомдо ар бир граждандын аң-сезиминин өсүшү, эмгекчилердин жалпы коомдук турмуш м-н жеке уюмдарды башкаруу ишине активдүү тартылышы, *демократиялык централизм* принциби негизинде ички парт., чарбалык ж-а мамл. демократиянын өнүгүшү Б-дин социалдык саркынды катары жоюлушу үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү ачты.

Ад.: Маркс К., Луи Бонапарттын он сегизинчи брюмери, Фр., 1958; Ленин В. И., Күндөлүк дептерден, Чыг., кырг. бас., 33-т.; Замошкин Ю. А., Идейно-теоретические дискуссии вокруг проблемы бюрократии, «Вопросы философии», 1970, № 11.

БЮСТ (фр. buste, лат. bustum — мүрзө үстүндөгү эстелик) — адамдын көкрөгүнөн жогору жагы тартылган жумуру скульптуралык портрет. Б. алгач Байыркы Египетте ж-а Байыркы Грецияда пайда болуп, Байыркы Римде калыптанган. Россияда Ф. И. Шубин, С. И. Гальберг, сов. доордо Н. А. Андреев, В. И. Мухина, Н. В. Томский ж. б-дын Б-тук чыг-лары белгилүү. Кырг-нда Т. Садыков, О. М. Мануйлованын иштери көпчүлүккө маалим.

КСЭде КОЛДОНУЛГАН НЕГИЗГИ КЫСКАРТУУЛАР

а.— арал
ААК — аскер-аба күчтөрү
абс.— абсолюттук
авг.— август
авиац.— авиациялык
австр.— австриялык
австрал.— австралиялык
автон.— автономиялык
автомоб.— автомобиль, автомобилдик
агит.— агитация, агитациялык
агротех.— агротехника, агротехникалык
АДК — аскер-деңиз күчтөрү
адм.— адмирал
админ.— административдик
ад-т — адабият
АДФ — аскер-деңиз флоту
азерб.— азербайжан
Азерб. ССР — Азербайжан ССР
акад.—академик, академиялык
АКШ — Америка Кошмо Штаттары
Алб.— Албания
алб.— албаниялык
алгебр.— алгебралык
алюм.— алюминий
Амер.— Америка
амер.— америкалык
аналит.—аналитикалык
анат.—анатомия, анатомиялык
англ.—англисче, англиялык
антроп.— антропология антропологиялык
АО — автономия область
АПН — Агентство печати «Новости» («Жаңылык» басма сөз агентствосу)
апр.— апрель
ар.— арабча
арифм.—арифметика, арифметикалык
артилл.—артиллерия, артиллериялык
арх.— архитектор
археол.—археология, археологиялык
архит.—архитектура, архитектуралык
астрон.—астрономия, астрономиялык
атн.— атындагы
ат. н.— атомдук номери
ат. м.— атомдук массасы
атмосф.—атмосфера, атмосфералык
АТС — автомат телефон станция
а. ч.— айыл чарба
Афг-н — Афганстан
Афр.— Африка
афр.— африкалык
АЭР — Албан Эл Республикасы
АЭС — атомдук электр станция
б. а—башкача айтканда
БАК — Борбордук Аткаруу Комитети
бактериол.— бактериология, бактериологиялык
бат.— батыш
ББАК—Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитети
б. з.— биздин замандын
б. з. ч.— биздин заманга чейинки
библ.—библиография, библиографиялык
биол.—биология, биологиялык
БК — Борбордук Комитет
борб.— борбордук
Болг.— Болгария
болг.— болгариялык
ботан.—ботаника, ботаникалык,
бошт.— боштондук
Брит.— Британия
брит.— британиялык
БССР — Белорус ССР
бурж.— буржуазия, буржуазиялык
буул. *t* — буулануу температурасы
бухг.— бухгалтерия, бухгалтериялык
б-ча — боюнча
БЭР—Болгар Эл Республикасы
ВАСХНИЛ—Всесоюзная академия сельскохозяйственных наук им. В. И. Ленина (В. И. Ленин атн. Бүткүл союздук айыл чарба илимдер академиясы)
ВГИК—Всесоюзный государственный институт кинематографии (Бүткүл союздук мамлекеттик кинематография институту)
ВДНХ — Выставка достижений народного хозяйства СССР (СССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсү)
ВДР—Вьетнам Демократия Республикасы
ведомств.—ведомстволук
венгр.— венгриялык
вет.—ветеринария, ветеринариялык
ВКП(б)—Всесоюзная Коммунистическая партия (большевиков) [Бүткүл союздук Коммунисттер (большевиктер) партиясы]
ВСЖП—Венгрия социалисттик жумушчу партиясы
ВЭР — Венгр Эл Республикасы
гал.— галерея
гвард.— гвардиялык
ГДР — Германия Демократия Республикасы
ген.—генерал, генеральный
генет.—генетика, генетикалык
ген.-л.—генерал-лейтенант
ген.-м.—генерал-майор
ген.-полк.—генерал-полковник
геогр.— география, географиялык
геод.—геодезия, геодезиялык
геол.— геология, геологиялык
геом.— геометрия, геометриялык
Герм.— Германия
герм.— германиялык
гидр.—гидрология, гидрологиялык
гидравл.—гидравлика, гидравликалык
ГИТИС—Государственный институт театрального искусства им. А. В. Луначарского (А. В. Луначарский атн. Театр өнөрүнүн мамлекеттик институту)
ГК — Граждандык кодекс
Голл.—Голландия
голл.—голландча, голландиялык
ГОСТ — Государственный общесоюзный стандарт (Мамлекеттик жалпы союздук стандарт)
ГПК—Граждандык процесс кодекси
гр.— грекче
гражд.— граждандык
граммат.— грамматика, грамматикалык
ГСБП—Германия социалисттик бирдиктүү партиясы
ГССР — Грузин ССР
губ.— губерния, губерниялык
губком.— губерниялык комитет
ГФР—Германия Федерация Республикасы
ГЭС—гидроэлектр станция
д.— дарыя
дараж.— даражадагы
дек.— декабрь
деңиз деңг.— деңиз деңгээлинен
демокр.— демократиялык
диалек.— диалектика, диалектикалык
дипл.— дипломатия, дипломатиялык
д. у. с.— дагы ушул сыяктуу
дүйн.— дүйнөлүк
ЕАР — Египет Араб Республикасы
европ.— европалык
ж.— жыл
ж. а.— жарым арал
ж-а — жана
ж. б.— жана башка
ж-дө — жөнүндө
жерг.— жергиликтүү
жог.— жогорку
ЖС — жазуучулар союзу
ж. т.— жылы туулган
журн. союзу — журналисттер союзу
ж. ченде ө.—жыл ченде өлгөн
ж. ченде т.—жыл ченде туулган
Ж. Чыгыш—Жакынкы Чыгыш
жышт.— жыштыгы
з-д — завод
зоол.—зоология, зоологиялык
ИА—илимдер академиясы
идеол.—идеология, идеологиялык
ил.— илимий
ил. из.—илим изилдөө
илимд.— илимдердин
импер.—империалисттик
индустр.—индустриялык
ин-т — институт
интерн.—интернационалдык
информ.—информация, информациялык
иск-во — искусство
итал.—итальянча, италиялык
к.— кара, кылым
К. Азия— Кичи Азия
Каз-н—Казакстан
кайноо *t*— кайноо температурасы
капит.— капиталисттик
катуул. *t* — катуулануу температурасы
к-з — колхоз
кибернет.— кибернетика, кибернетикалык
кинематогр.— кинематография, кинематографиялык
КМИИ — Кыргызстан мамлекеттик искусство институту
КММИ — Кыргызстан мамлекеттик медицина институту
КМПИ — Кыргызстан мамлекеттик педагогика институту
КМУ — Кыргызстан мамлекеттик университети
КМФИ — Кыргызстан мамлекеттик физкультура институту
колон.— колониялык
комп.— композитор
комп. союзу — композиторлор союзу
констр.—конструктор, конструкциялык
конф-я — конференция
крайком— крайлык комитет
крайатком — крайлык аткаруу комитети
к-та — кислота
Кырг-н — Кыргызстан
кыш.— кыштак
КЭДР—Корей Эл Демократия Республикасы
КЭР — Кытай Эл Республикасы
лаборат.—лаборатория, лабораториялык

лат.— латынча
лингв.—лингвистика, лингвистикалык
ЛГУ—Ленинградский государственный университет (Ленинград мамлекеттик университети)
мад-т — маданият
макс.— максимуму
мамл.—мамлекет, мамлекеттик
матем.—математик, математика, математикалык
матер.— материалисттик
МГУ—Московский государственный университет (Москва мамлекеттик университети)
мед.—медицина, медициналык
метеорол.—метеорология, метеорологиялык
методол.—методология, методологиялык
мех. — механика, механикалык
МИА—медицина илимдер академиясы
м-н — менен
миним.— минимуму
мин-во — министерство
Мин. Совети — Министрлер Совети
мис.— мисалы
млн.— миллион
млрд.— миллиард
мол.—молекулалык
Молд. ССР—Молдаван ССР
монг.— монголчо
морфол.—морфология, морфологиялык
муче-корр.—муче-корреспондент
МТС — машина-трактор станциясы
муз.—музыка, музыкалуу, музыкалык
МХАТ—Московский художественный академический театр им. Горького (Горький атн. Москва академиялык көркөм театры)
МХТ — Московский художественный театр (Москва көркөм театры)
МЭР — Монгол Эл Республикасы
НАТО — North Atlantic Traty Organization, NATO (Түндүк атлантикалык келишим уюму)
нем.— немецче
Норв.— Норвегия
норв.— норвегиялык
О. Азия — Орто Азия
обком—областтык комитет
обл.— область, областтык
облатком — областтык аткаруу комитети
облсовет — областтык совет
окт.— октябрь
о. кылым — орто кылым
ООН — Организация Объединенных Наций (Биримкен Улуттар Уюму)
оппортун.— оппортунисттик
орг.— органикалык
орт.— орточо
офиц.— официаллуу
о. эле — ошондой эле
в. ж. — өнөр жай
Өзб-н—Өзбекстан
олг. ж. белгисиз—олгон жылы белгисиз
п. а. к.— пайдалуу аракет коэффициенти
парт.— партиялык
партбюро — партиялык бюро
ПБЖП — Польша биримкен жумушчу партиясы
пед.— педагогика, педагогикалык
ПИА — педагогика илимдер академиясы
полигр.— полиграфия, полиграфиялык
польш.— польшалык
пос.— посёлок
пред-ль—председатель
пролет.— пролетариат, пролетарчыл
проф.— профессор
психол.— психология, психологиялык
публ.— публицистика, публицистикалык
ПЭР — Поляк Эл Республикасы
райатком — райондук аткаруу комитети
райком — райондук комитет
райсовет — райондук совет
реакц.— реакциячыл
ревком—революцичыл комитет
рев-я — революция
редколлегия — редакциялык коллегия
редсовет— редакциялык совет
реж.— режиссёр
рез-я — резолюция
респ-ка — республика
р-н — район
росс.— россиялык
РСР—Румын Социалисттик Республикасы
РСФСР — Российская Советская Федеративная Социалистическая Республика (Россия Советтик Социалисттик Федерация Республикасы)
РТС — ремонт-техника станциясы
Рум.— Румыния
рум.— румынялык
с. — село
салм.— салмагы
салыштыр. салм.—салыштырма салмагы
сан. — санитария, санитарлык
с.-д.—социал-демократчыл
СЕАТО — South-East Asia Treaty Organization, SEATO (Түштүк-Чыгыш Азия келишим уюму)
сент.— сентябрь
СЕНТО — Central Treaty Organization, CENTO (Борбордук договор уюму)
с-з — совхоз
симф.—симфония, симфониялык
синтет.— синтетитка, синтетикалык
сов.— советтик
Сов. Союз Баатыры — Советтер Союзунун Баатыры
соц. — социалисттик
социол.—социология, социологиялык
Соц. Эмг. Баатыры — Социалисттик Эмгек Баатыры
ст.— старший
сыйл.— сыйлыгына, сыйлыгынын
сыйымд.— сыйымдуулугу
СЭВ — Совет экономической взаимопомощи (Экономикалык өз ара жардамдашуу совети)
ТАГ — телеграф агентствосу
Тажк-н — Таажикстан
ТАСС — Телеграфное агентство Советского Союза (Советтер Союзунун телеграф агентствосу)
тектон.—тектоника, тектоникалык
темп-ра — температура
теренд.— теренднги
терр-я — территория
тех.— техника, техникалык
технол.—технология, технологиялык
т. ж.— темир жол
т. ж. белгисиз— тууган жылы белгисиз
топогр.—топография, топографиялык
трансп.—транспорт, транспорттук
тузд.— туздуулугу
тун.— тундук
Түрк-н — Түркменстан
түш.— түштүк
ТЭЦ — теплоэлектроцентраль (жылуулук берүүчү электр борбор)
у.— уезд
уз.— узундугу
УК — Уголовный кодекс
Укр.— Украина
укр.— украиналык
ун-т — университет
УПК — Уголовный процесс кодекси
УССР — Украин ССР
фаш.— фашисттик
февр.— февраль
фельдм.—фельдмаршал
феод.— феодалдык
физ.— физика, физикалык
физиол.—физиология, физиологиялык
физ-ра — физкультура
филол.—филология, филологиялык
филос.—философия, философиялык
финанс.— финансылык
ф-ка — фабрика
фонет.—фонетика, фонетикалык
фотогр.—фотография, фотографиялык
фр.— француча
франц.— француздук
ф-тет — факультет
ФПИ—Фрунзе политехникалык институту
хим.— химиялык
худ.— художник
ЦЭМ—цифралуу эсептегич машина
чарб.— чарбалык
Чехосл.— Чехословакия
чехосл.—чехословакиялык
чыг.— чыгыш, чыгарма
чыг-лык—чыгармачылык
ЧССР—Чехословак Социалисттик Республикасы
ш.— шаар
шааратком—шаардык аткаруу комитети
шаарком—шаардык комитет
шайл.—шайланган, шайланышынын
ш. т. посёлок—шаар табындеги посёлок
ылдамд.—ылдамдыгы
Ы. Чыгыш—Ыраакы Чыгыш
эвол.—эволюция, эволюциялык
Э. К. К.—электр каймылдаткыч күчү
экон.—экономика, экономикалык
ЭКС—Эл Комиссарлар Совети
эмг. сиң.— эмгеги сиңген
энергет.— энергетика, энергетикалык
эруу *t* — эруу температурасы
ЭССР — Эстон ССР
эстет.— эстетика, эстетикалык
эстон.— эстониялык
этногр.— этнография, этнографиялык
ЭЭМ — электрондук эсептегич машина
Югосл.—Югославия
югосл.— югославиялык
ЮНЕСКО — United Nations Educational Scientific and Cultural Organization, UNESCO (Биримкен Улуттардын билим берүү, илим жана маданият боюнча уюму)
юрид.— юридика, юридикалык
ЮСФР — Югослав Социалисттик Федерация Республикасы
янв.— январь

БИРДИКТЕРДИН АТТАРЫН ТҮЗҮҮЧҮ МҮЧӨЛӨРДҮН КЫСКАРТЫЛГАН БЕЛГИЛЕРИ

а — атто... (10^{-18})	*д* — деци... (10^{-1})	*М* — мега... (10^{6})	*н* — нано... (10^{-9})
Г — гига... (10^{9})	*да* — дека... (10)	*м* — милли... (10^{-3})	*п* — пико... (10^{-12})
г — гекто... (10^{2})	*к* — кило... (10^{3})	*мк* — микро... (10^{-6})	*с* — санти... (10^{-12})
			Т — тера... (10^{12})
			Ф — фемто... (10^{-15})

ЧЕН БИРДИКТЕРИНИН ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕНИШИ

а — ампер	*дж* — джоуль	*Мв* — мегаватт	*сек* — секунда
о	*дин* — дина	*мг* — миллиграмм	*сим* — сименс
А — ангстрем	*дм* — дециметр	*Мгц* — мегагерц	*см* — сантиметр
а. б.— астрономиялык бирдик	*д. милясы* — деция милясы	*мин* — минутта	*спз*—сантипуаз
а. к.— ат күчү	*ж. жылы* — жарык жылы	*айл/мин* — минутуна айланышы	*сст* — сантистокс
а·с—ампер-саат	*К* — Кельвин	*мкс* — максвелл	*ст* — стокс
в — вольт	*к* — кулон	*мкм* — микрометр	*стер* — стерадиан
в·а—вольт-ампер	*кал* — калория	*мксек* — микросекунда	*суу мам. мм* — суу мамычасынын миллиметри
вб — вебер	*квт* — киловатт	*мл* — миллилитр	*сым. мам. мм* — сымап мамычасынын миллиметри
вт — ватт	*квт·с*—киловатт-саат	*мм* — миллиметр	*т* — тонна
вт·с—ватт-саат	*кг* — килограмм	*Мом* — мегом	*тк* — тонна-күч
г — грамм	*кгк* — килограмм-күч	*н* — ньютон	*тл* — тесла
га — гектар	*кд* — кандела	*нм* — нанометр	*түй* — түйүн
гб — гильберт	*ккал* — килокалория	*нсек* — наносекунда	*ф* — фарада
гл — гектолитр	*км* — километр	*нт* — нит	*°С* — Цельсий градусу
гн — генри	*кмоль* — киломоль	*ом* — ом	*ц* — центнер
гс — гаусс	*кэв* — килоэлектронвольт	*пс* — парсек	*ц/га* — гектарына центнер
гц — герц	*л* — литр	*пф* — пикофарада	*э* — эрстед
г-экв — грамм-эквивалент	*лк* — люкс	*р* — рентген	*эв* — электронвольт
дал — декалитр	*лм* — люмен	*рад* — радиан	
дб — децибел	*м* — метр	*с* — саат	

БИБЛИОГРАФИЯЛЫК КЫСКАРТУУЛАР

(орусча, кыргызчасы аралаш берилди)

авт.— автор	доп.— дополнение, дополнительный	отт.— оттиск	с.— страница
ад.— адабият	ж.— жыл	прил.—приложение	т.— том
б.— бети	ж. белгисиз—жылы белгисиз	Полн. собр. соч.—Полное собрание сочинений	Танд. чыг.—Тандалган чыгармалар
бас.—басылышы	жооп. ред.— жооптуу редактор	публ.— публикация	Тр.— Труды
б. г.— без года	загл.— заглавие	ред.— редактор	Уч. зап.— Ученые записки
библ.— библиография	Зап.— Записки	реф.— реферат	ч. ж. белгисиз — чыгарылган жылы белгисиз
билд.— билдирүү	Изв.— Известия	рец.— рецензия	Чыг.— Чыгармалар
биогр.— биография	Источн.— Источники	сб.— сборник	Чыг. тол. жыйн.—Чыгармалардын толук жыйнагы
б. м.— без места	Каб.— Кабарлар	сер.— серия	шер. авт.— шериктеш автор
бюл.—бюллетень	мазм.— маазмуну	соавт.— соавтор	Эмг.— Эмгектер.
в.— выпуск	огл.— оглавление	Собр. соч.—Собрание сочинений	
г.— год	отв. ред.— ответственный редактор	Соч.—Сочинения	
дисс.—диссертация			
Докл.— Доклады, Докладдар			

ШААРЛАРДЫН БИБЛИОГРАФИЯДА КЫСКАРТЫЛГАН АТТАРЫ

Орус, кыргыз тилдеринде

А.— Алматы	Ер.— Ереван	М.—Л.—Москва—Ленинград	Таш.— Ташкент
А.—А.—Алма-Ата	К.— Киев	Новосиб.— Новосибирск	Тб.— Тбилиси
Г.—Горький	Киш.— Кишинёв	Од.— Одесса	Фр.— Фрунзе
Душ.— Душанбе	Л.— Ленинград	П.—Петроград (Петербург)	Хар.— Харьков
Дүйш.—Дүйшөмбү	М.— Москва	Тал.—Таллин	

КСЭнин ИЛИМИЙ КОНСУЛЬТАНТТАРЫ

АДАБИЯТ

Т. АСКАРОВ — филос. илимд. кандидаты (председатель), К. АРТЫКБАЕВ — филол. илимд. кандидаты, С. БАЙГОЖОЕВ — филол. илимд. кандидаты, М. БОРБУГУЛОВ — филол. илимд. доктору, К. ИМАНАЛИЕВ — пед. илимд. доктору, Б. КЕРИМЖАНОВА — филол. илимд. кандидаты, Кыргыз ССР ИАнын муче-корр., С. МУСАЕВ—филол. илимд. кандидаты, К. РЫСАЛИЕВ—филол. илимд. доктору, А. САДЫКОВ—филол. илимд. доктору.

АЙЫЛ ЧАРБА

А. МАМЫТОВ — а. ч. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад., ВАСХНИЛдин муче-корр. (председатель), К. АЗЫКОВ — экон. илимд. кандидаты, Ж. БЕКБАЕВ—токой чарба инженери, А. КАНИМЕТОВ — а. ч. илимд. кандидаты, С. ОСМОНОВ — инженер-гидротехник, Р. Э. САДЫКОВ — а. ч. илимд. доктору, Б. САРБАГЫШОВ — а. ч. илимд. кандидаты, Ш. СУКЕЕВ — вет. илимд. кандидаты.

АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОГРАФИЯ

Т. БАЯЛИЕВА — тарых илимд. кандидаты (председатель), А. АБЕТЕКОВ — археолог, К. И. АНТИПИНА — тарых илимд. кандидаты, А. БИЯЛИЕВ — филол. илимд. кандидаты, Ч. ИМАНКУЛОВ — мүлүкчөр, С. КОЖОМБЕРДИЕВ — археолог, К. МАМБЕТАЛИЕВА — тарых илимд. кандидаты, В. М. ПЛОСКИХ — тарых илимд. кандидаты.

АРХИТЕКТУРА ЖАНА СҮРӨТ

Г. АЙТИЕВ — СССР эл сүрөтчүсү, СССР көркөм сүрөт академиясынын муче-корр. (председатель), А. ИСАЕВ — Кыргыз ССР эмг. сиң. архитектору, Т. САДЫКОВ — скульптор, Кыргыз ССР иск-вого эмг. сиң. ишмери, К. САРБАНОВ — архитектор, М. СЫДЫКБАЕВ — сүрөтчү.

БАСМА СӨЗ, РАДИО, ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ

А. АБАКИРОВ — тарых илимд. кандидаты (председатель), С. ЖЕТИМИШОВ — жазуучу, Б. КАРАБАЕВ — журналист, Т. МАМБЕТСАРИЕВ — тарых илимд. кандидаты, Ас. ТОКОМБАЕВ — журналист, Ж. Ж. ТУРСУНОВ — журналист.

БИОЛОГИЯ

А. АЛДАШОВ — вет. илимд. доктору (председатель), Р. АЙДАРОВА — биол. илимд. кандидаты, К. АКМАТОВ — биол. илимд. кандидаты, М. М. БОТБАЕВА — биол. илимд. кандидаты, К. ИБРАЙМОВА — биол. илимд. кандидаты, А. КЫДЫРАЛИЕВ — биол. илимд. кандидаты, Б. А. СУЛТАНОВА — биол. илимд. кандидаты, С. ШАМБЕТОВ — биол. илимд. кандидаты, Д. ЫРСАЛИЕВ — биол. илимд. кандидаты.

ГЕОГРАФИЯ

С. ӨМУРЗАКОВ — геогр. илимд. кандидаты (председатель), С. БАЙГУТТИЕВ — геогр. илимд. кандидаты, Н. БАКИРОВ — геогр. илимд. кандидаты, А. ЖУМАЕВ—тех. илимд. кандидаты, А. ИСАЕВ — геогр. илимд. кандидаты, Д. ИСАЕВ — геогр. илимд. кандидаты, М. КАДЫРКУЛОВ—геогр. илимд. кандидаты, М. МУЗАКЕЕВ — геогр. илимд. кандидаты, С. ОРОЗАЛИЕВ — геогр. илимд. кандидаты, К. ОТОРБАЕВ — геогр. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын муче-корр., В. ЧОРМОНОВ — геогр. илимд. кандидаты.

ГЕОЛОГИЯ, ГЕОФИЗИКА ЖАНА ГЕОДЕЗИЯ

М. М. АДЫШЕВ — геол.-минералогия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад. (председатель), Ш. АБАКИРОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты, С. АМАНОВ — тех. илимд. кандидаты, У. АСАНАЛИЕВ — геол.-минералогия илимд. доктору, А. БАКИРОВ — геол.-минералогия илимд. доктору, З. ДҮЙШӨНАЛИЕВ — инженер-геолог, К. ИБРАЕВ — инженер-геодезист, Ч. ИМАНАЛИЕВ — инженер-геолог, К. КАЛМУРЗАЕВ—геол.-минералогия илимд. доктору, К. КУРМАНАЛИЕВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты, К. ОСМОНБЕТОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты, К. САРЫНДЫКОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты, Ж. САРЫМСАКОВ — инженер-синоптик, А. ТУРДУКУЛОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты, Э. ШАКИРОВ — геол.-минералогия илимд. кандидаты.

ЖАЛПЫ ТАРЫХ ЖАНА СССР ТАРЫХЫ

С. ТАБЫШАЛИЕВ — тарых илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын муче-корр. (председатель), А. АРЗЫМАТОВ — тарых илимд. кандидаты, Д. АСАНОВ — полковник, Сов. Союз. Баатыры, Т. ДҮЙШӨМАЛИЕВ — тарых илимд. доктору, Х. М. МУСИН — тарых илимд. доктору, А. РЫСКУЛОВ — тарых. илимд. кандидаты, А. СРАЖДИНОВ — тарых илимд. кандидаты, М. СУШАНЛО — тарых илимд. доктору, К. УСӨНБЕКОВ — ген.-майор, Сов. Союз. Баатыры, А. ХАСАНОВ — тарых илимд. доктору. Кыргыз ССР ИАнын муче-корр., А. А. ЧУКУБАЕВ — тарых илимд. доктору.

КПССтин ЖАНА КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫНЫН ТАРЫХЫ

С. И. ИЛИЯСОВ — тарых илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад. (председатель), Р. АЙНИКЕЕВ — тарых илимд. кандидаты, Б. БАЙБОЛОТОВ — тарых илимд. доктору, Т. ИСАКОВ — тарых илимд. кандидаты, К. СУЛАЙМАНОВ — тарых илимд. доктору.

КЫРГЫЗ ССР ТАРЫХЫ

К. ОРОЗАЛИЕВ—тарых илимд. кандидаты, Кыргыз ССР ИАнын муче-корр. (председатель), С. АТТОКУРОВ—тарых илимд. доктору, С. С. ДАНИЯРОВ — тарых илимд. кандидаты, Б. М. ЗИМА — тарых илимд. кандидаты, проф., Ж. МАЛАБАЕВ — тарых илимд. доктору, Ж. С. ТАТЫБЕКОВА — тарых илимд. доктору, К. УСӨНБАЕВ — тарых илимд. доктору, Б. ЧОКУШЕВ — тарых илимд. доктору.

МАТЕМАТИКА

М. ИМАНАЛИЕВ — физ.-матем. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр. (председатель), Б. АБАКИРОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, А. АЙЫЛЧИЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, И. БЕКБОЕВ — пед. илимд. кандидаты, Ч. ЖАНЫБЕКОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, М. ЖОРОЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, А. ИСКЕНДЕРОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, Р. УСУБАКУНОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты.

МЕДИЦИНА ЖАНА СПОРТ

А. А. АЛТЫМЫШЕВ — мед. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр. (председатель), А. АЙДАРАЛИЕВ — мед. илимд. доктору, М. АЙМАНБЕТОВ — мед. илимд. доктору, М. АЛИЕВ — мед. илимд. доктору, Э. АЛЫМКУЛОВ — мед. илимд. кандидаты, И. К. АХУНБАЕВ — мед. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад., СССР МИАнын мүчө-корр., С. Б. ДАНИЯРОВ — мед. илимд. доктору, А. ЖАЙЛООБАЕВ—мед. илимд. кандидаты, В. А. ИСАБАЕВА — мед. илимд. кандидаты, Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр., М. МАМАКЕЕВ — мед. илимд. доктору, М. М. МИРРАХИМОВ — мед. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад., СССР МИАнын мүчө-корр., Д. ӨМҮРЗАКОВ.

ТЕАТР, МУЗЫКА, КИНО

М. АБДРАЕВ — композитор, проф. (председатель), Б. АЛАГУШЕВ—музыка изилдөөчү, К. АШЫМОВ—иск-во илимд. кандидаты, М. БАЙЖИЕВ — жазуучу, Н. ДАВЛЕСОВ — композитор, доцент, Ж. МОЛДОБАЕВ—иск-во илимд. кандидаты, Т. ОКЕЕВ—кинорежиссёр, А. СТАМОВ — жазуучу, М. ТОЙБАЕВ — филол. илимд. кандидаты.

ТЕХНИКА

К. АЛЫМКУЛОВ — тех. илимд. кандидаты (председатель), И. Т. АЙТМАТОВ—тех. илимд. кандидаты, С. БИРНАЗАРОВ—инженер, Ө. ДАНИКЕЕВ — инженер, А. С. ЖАМАНБАЕВ — тех. илимд. доктору, А. ЖУМАДЫЛОВА—тех. илимд. кандидаты, А. ИМАРАЛИЕВ — тех. илимд. кандидаты, Ш. А. МАМБЕТОВ — тех. илимд. кандидаты, К. Б. ОКЕНОВ — тех. илимд. кандидаты, Ж. ӨМҮРЗАКОВ — тех. илимд. кандидаты, С. ТОКОБАЕВ — тех. илимд. кандидаты.

ТИЛ

Б. Ө. ОРУЗБАЕВА—филол. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр. (председатель), Э. АБДЫЛДАЕВ—филол. илимд. кандидаты, Т. К. АХМАТОВ — филол. илимд. доктору, А. ЖАПАРОВ—филол. илимд. доктору, Ы. ЖАКЫПОВ—филол. илимд. доктору, Х. КАРАСАЕВ — филол. илимд. кандидаты, проф. С. КУДАЙБЕРГЕНОВ — филол. илимд. доктору, Ж. МУКАМБАЕВ—филол. илимд. кандидаты, А. ОРУЗБАЕВ — филол. илимд. кандидаты, К. К. САРТБАЕВ — филол. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр., А. ТУРСУНОВ — филол. илимд. кандидаты.

УКУК

К. АЛЧИЕВ—юрид. илимд. кандидаты (председатель), С. КЫДЫРАЛИЕВА—юрид. илимд. кандидаты, К. НУРБЕКОВ—юрид. илимд. доктору, С. САТЫБЕКОВ — юрид. илимд. кандидаты, Р. ТУРГУНБЕКОВ — юрид. илимд. кандидаты.

ФИЗИКА ЖАНА АСТРОНОМИЯ

Ж. ЖЭЭНБАЕВ — физ.-матем. илимд. доктору (председатель), Т. АЙТМУРЗАЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, И. БИЙБОСУНОВ — физ.-матем. илимд. доктору, А. ИМАНКУЛОВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, Т. КАРАШЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты, З. КЕРИМГАЗИЕВ — физ.-матем. илимд. кандидаты.

ФИЛОСОФИЯ

А. АЛТЫМЫШБАЕВ — филос. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад. (председатель), Т. АБДЫЛДАЕВ — филос. илимд. доктору, Р. АЧЫЛОВА — филос. илимд. кандидаты, С. ЖУМАГУЛОВ — филос. илимд. кандидаты, А. КАКЕЕВ — филос. илимд. кандидаты, А. А. САЛИЕВ — филос. илимд. кандидаты, Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр.

ХИМИЯ

К. СУЛАЙМАНКУЛОВ — химия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр. (председатель), С. АДЫЛОВ — химия илимд. кандидаты, Ү. АСАНОВ — химия илимд. доктору, З. БАКАСОВА — химия илимд. кандидаты, Б. ИМАНАКУНОВ — химия илимд. доктору, М. КЫДЫНОВ — химия илимд. доктору, Ш. САРЫМСАКОВ — химия илимд. кандидаты, К. ШАТЕМИРОВ — химия илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын мүчө-корр.

ЭКОНОМИКА

М. РЫСКУЛБЕКОВ — экон. илимд. кандидаты, проф. (председатель), М. БАЛБАКОВ — экон. илимд. кандидаты, С. БЕКОЖОЕВА — экон. илимд. кандидаты, К. ЖУНУШОВ — экон. илимд. доктору, С. У. ИСЛАМОВ — экон. илимд. кандидаты, проф., Ж. С. ЛАЙЛИЕВ — экон. илимд. кандидаты, Т. МОЛДУСТАНОВ — экон. илимд. кандидаты, А. МОЛДОКУЛОВ — экон. илимд. доктору, Ш. МУСАКОЖОЕВ — экон. илимд. кандидаты, А. ТЕРМЕЧИКОВ — экон. илимд. кандидаты.

ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ

А. Э. ИЗМАЙЛОВ — пед. илимд. доктору, Кыргыз ССР ИАнын акад., СССР ПИАнын акад. (председатель), Ж. АМАНАЛИЕВ—тарых илимд. кандидаты, М. Р. БАЛТАБАЕВ—пед. илимд. доктору, СССР ПИАнын мүчө-корр., Э. БЕРДИБАЕВ — Кыргыз ССР эмг. сиң. мугалими, Ж. МАКЕНБАЕВ — тарых илимд. кандидаты, Ш. ЖАНУЗАКОВ—пед. илимд. кандидаты.

КСЭнин 1-ТОМУНУН АВТОРЛОРУ

АБАКИРОВ Апаш, АБАКИРОВ Бөрүбай, АБАКИРОВ Шарыпбек, АБДИЕВ Атантай, АБДРАЕВ Кусеин, АБДРАКМАНОВ Сапарбай, АБДРИСАЕВ Дүйшен, АБДУЛЛАЕВ Абулазиз, АБДЫВАЛИЕВ Кубан, АБДЫКАЛЫКОВ Асанбек, АБДЫКЕРИМОВ Курманбек, АБДЫКЕРИМОВ Муканбет, АБДЫКЕРИМОВ Сарымсак, АБДЫКУЛОВА Элмира, АБДЫЛДАБЕКОВ Керимкул, АБДЫЛДАБЕКОВ Куручбек, АБДЫЛДАЕВ Керимкул, АБДЫЛДАЕВ Кубатбек, АБДЫЛДАЕВ Мелис, АБДЫЛДАЕВ Ормоке, АБДЫЛДАЕВ Осмонжан, АБДЫЛДАЕВ Табылды, АБДЫЛДАЕВ Эсеналы, АБДЫМАЛИКОВ Кыдыр, АБДЫРАКУНОВ Турдубай, АБДЫРАХМАНОВ Ибраим, АБДЫРАХМАНОВ Сатар, АБДЫРАХМАНОВ Сейдилбек, АБДЫРАХМАНОВ Сулейман, АБЕТЕКОВ Асан, АБИРОВ Асылбек, АБЫЛГАЗИЕВ Бектурган, АБЫШКАЕВ Абакир, АГИНОВА Майрам, АДЕНОВ Талгар, АДИЛБАЕВ Жумалы, АДЫЛОВ Султан, АЖЫГУЛОВ Эсенбек, АЖЫМИДИНОВ Токон, АЗЫКОВ Барий, АЗЫКОВ Кулия, АЙПОВА Санабубү, АЙДАРАЛИЕВ Акматбек, АЙДАРАЛИЕВ Асылбек, АЙДАРОВА Рашия, АЙМАНБЕТОВ Мицбай, АЙНИКЕНОВ Ренат, АЙТМАМБЕТОВ Дүйшө, АЙТМАТОВ Илгиз, АЙТМУРЗАЕВ Ташмырза, АЙТУГАНОВ Сатқын, АЙТУГАНОВА Жыпар, АЙЫЛЧИЕВ Асанбек, АКМАТАЛИЕВ Амантур, АКМАТОВ Кенжебай, АКМАТОВ Токтосун, АЛАГУШОВ Балбай, АЛАМАНОВ Бали, АЛАМАНОВ Саламат, АЛДАШОВ Абдулхай, АЛДЕЕВ Иман, АЛИЕВ Мар, АЛИЕВА Вера, АЛКОЖОЕВ Власбек, АЛМАЕВ Талгат, АЛТАЕВ Мусатай, АЛТЫМЫШБАЕВ Асылбек, АЛТЫМЫШЕВ Арстанбек, АЛЫБАЕВ Жапаркул, АЛЫБАКОВ Аскарбек, АЛЫКУЛОВ Канымбек, АЛЫМБАЕВА Бубүгайша, АЛЫМБАЕВА Гүлжамал, АЛЫМКУЛОВ Асан, АЛЫМКУЛОВ Добулбек, АЛЫМКУЛОВ Карыпбек, АЛЫМКУЛОВ Келдибай, АЛЫМКУЛОВ Эсенбек, АЛЫМКУЛОВА Койсун, АЛЫМОВ Бексултан, АЛЧИЕВ Карагул, АМАНКУЛОВ Зарлык, АМАНКУЛОВ Токтогазы, АМАНОВ Мамбеткул, АМАНОВ Сабыр, АМАНТУРОВА Орунбүбү, АНТИПИНА Клавдия И., АПЫШОВА Апал, АРЗЫМАТОВ Атыгай, АРНАКУНОВ Талипказы, АРТЫКБАЕВ Качынбай, АРЫНОВ Асанбай, АСАНАЛИЕВ Бакыт, АСАНАЛИЕВ Кенешбек, АСАНАЛИЕВ Үсөнбек, АСАНАЛИЕВ Үсөнгазы, АСАНБАЕВ Кенжегазы, АСАНБАЕВ Үсөнкан, АСАНБЕКОВ Сарман, АСАНГАРИЕВ Абдылбек, АСАНГУЛОВ Кубат, АСАНКУЛОВ Казый, АСАНОВ Турусбек, АТАКАНОВ Уатбек, АТТОКУРОВ Сабыр, АТЫШОВ Көбөгөн, АХНАЗАРОВА Баис, АХУНБАЕВ Иса, АЧАКЕЕВ Шейшен, АЧЫЛОВА Рахат, АШЫМОВ Каарман, АШЫМОВ Муса, АШЫРАХМАНОВ Шарапат, АШЫРБАЕВ Арсым.

БАЕТОВА Ракыя, БАЗАРБАЕВ Шамшы, БАЗАРБЕКОВ Ниязбек, БАЗАРКУЛОВ Сагындык, БАЙБОЛОТОВ Эрик, БАЙБОСУНОВ Мөкүш, БАЙГЕЛДИЕВА Азима, БАЙГЕЛДИЕВА Фатима, БАЙГОЖОЕВ Сейитказы, БАЙГУТТИЕВ Сейитбек, БАКАСОВА Зарыл, БАКИРОВ Апас, БАКИРОВ Насипбек, БАКТЫГУЛОВ Жумадыл, БАЛБАКОВ Мурат, БАЛБАКОВ Шатанбек, БАЛТАБАЕВ Мукаш, БАНАЕВ Халил, БАРАТАЛИЕВ Керим, БАРАТАЛИЕВ Өмүрбек, БАРСАНАЕВ Сагыналы, БАЯЛИЕВ Момокон, БАЯЛИЕВА Токтобүбү, БЕГАЛИЕВ Асылбек, БЕГАЛИЕВ Сапар, БЕГИТАЕВ Абдракман, БЕЙШЕБАЕВ Молдогазы, БЕЙШЕЕВ Закон, БЕЙШЕЕВ Жусупбек, БЕЙШЕМБИЕВ Бектен, БЕЙШЕНАЛИЕВА Гүлсия, БЕКБОЕВ Иса, БЕКБОЛОТОВ Абдыбек, БЕКТЕНОВ Зияш, БЕРДАЛИЕВ Шамшы, БЕРДИБАЕВ Эркин, БЕРДИБАЕВ Эсенгул, БЕРДИГУЛОВ Акмат, БИЙБОСУНОВ Илиис, БИРНАЗАРОВ Сапар, БИЯЛИЕВ Абак, БОБУЛОВ Камбаралы, БОРБУГУЛОВ Мухтар, БОРОНБАЕВ Султан, БОРУКЕЕВ Бекенбай, БОТБАЕВ Илиис, БОЦМАНОВА Мария С., БОЛОКБАЕВ Самансур, БӨРҮБАЕВ Таштанкул, БУГУБАЕВ Акун, БУДЯНСКИЙ Давид М., БУЛАТОВА Нурила, БУРАНЧИЕВ Ариф, БУРКОВСКИЙ Анатолий Ф.

ВЕДЬ Юрий А., ВЕЧЕРКИН Сергей С., ВИННИК Дмитрий Ф.

ГАВРЮШЕНКО Петр П., ГАЛИЦКИЙ Владимир Я., ГАЛКИНА Нина М., ГАРЕЕВ Энвер, ГИЛЯЗЕТДИНОВ Илгиз, ГОРЯЧЕВА Валентина Д., ГРИШКОВ Григорий И.

ДАДАБАЕВА Паиза, ДАНИКЕЕВ Өскөн, ДАНИЯРОВ Санжарбек Б., ДАНИЯРОВ Санжарбек С., ДАУТОВ Кадыркул, ДАУТОВА Сагипа, ДООРОНБЕКОВ Жакыпбек, ДООРОНБЕКОВА Райда, ДӨӨЛӨТКЕЛДИЕВ Абдыкул, ДӨӨЛӨТОВ Каким, ДРУКЕР Борис А., ДУНГАНОВ Абдыжапар, ДУРАНДИНА Александра И., ДҮЙШӨНАЛИЕВ Камчыбек, ДҮЙШӨКЕЕВ Өмүркул, ДҮЙШӨНАЛИЕВ Зарлык, ДҮЙШӨНАЛИЕВА Написа, ДЫЙКАНОВ Азатбек, ДЫЙКАНОВ Кобогон, ЕСЕНГАРЕВА Шайкен.

ЖАЙЛООБАЕВ Асан, ЖАКИШОВА Сагын, ЖАКЫПОВ Мамаш, ЖАКЫПОВ Осмон, ЖАМАНБАЕВ Акматбек, ЖАМАНГАРАЕВ Айыпбек, ЖАМГЫРЧИНОВ Мидил, ЖАНУЗАКОВ Медер, ЖАНЫБЕКОВ Чабалдай, ЖАНЫШОВ Атамкул, ЖАПАРОВ Абдыкул, ЖЕКШЕНОВ Октябрь, ЖИВОГЛЯДОВ Валерий П., ЖИГИТОВ Салижан, ЖОЛДОШОВ Вуудайык, ЖОЛДОШОВА Чолпон, ЖОЛОМАНОВ Илиис, ЖОРОЕВ Мухтар, ЖОРОЕВ Тургунбай, ЖУМАБАЕВ Абдракман, ЖУМАБАЕВ Сапарбек, ЖУМАБЕКОВ Жолдошбек, ЖУМАГУЛОВ Акыне, ЖУМАГУЛОВ Жапарбек, ЖУМАГУЛОВ Сулайман, ЖУМАДЫЛОВ Кадырбек, ЖУМАДЫЛОВ Тогузбек, ЖУМАЕВ Абыл, ЖУМАКАЛИЕВ Анарбек, ЖУМАЛИЕВ Ишен, ЖУМАЛИЕВ Намыр, ЖУМАЛИЕВ Сатар, ЖУМАЛИЕВ Темиралы, ЖУМАНАЗАРОВ Кудайберген, ЖУНУШОВ Абдрасул, ЖУНДУБАЕВ Курманбек, ЖЭЭНБАЕВ Жаныбек, ЖЭЭНБЕКОВА Азиза, ЗАКИРОВ Сапарбек.

ИБРАГИМОВ Эркин, ИБРАЕВ Кериш, ИБРАЕВ Турсуналы, ИБРАИМОВ Искендер, ИБРАИМОВ Назарбек, ИБРАИМОВ Раис, ИБРАИМОВА Кулбарым, ИДИНОВ Кубанычбек, ИДИРИСОВ Аскар, ИЗМАЙЛОВ Азиз, ИЛИЯЗОВ Анарбек, ИЛИЯЗОВ Сатар, ИМАЕВА Нурийла, ИМАНАКУНОВ Бейшен, ИМАНАЛИЕВ Абдыкалый, ИМАНАЛИЕВ Киреше, ИМАНАЛИЕВ Мамбет, ИМАНАЛИЕВ Чаланбай, ИМАНКУЛОВ Айтыгул, ИМАНКУЛОВ Белек, ИМАНОВ Жаманбай, ИМАРАЛИЕВ Абдусамат, ИСАБАЕВА Валентина, ИСАБЕКОВ Молдакун, ИСАЕВ Акыбай, ИСАЕВ Дүйшеке, ИСАКОВ Игорь Н., ИСАКОВ Шарыпбек, ИСАКОВА Сабира, ИСКАКОВ Иденбай, ИСКАКОВ Курмантай, ИСКАКОВА Надя, ИСКЕНДЕРОВ Абыкай, ИСЛАМОВ Улан, ИРИСОВ Пайзулла, ИСМАНКУЛОВ Асанбек, ИСРАИЛОВ Кумарбек, ИШЕНОВ Сайпидин, ИЯЗАЛИЕВ Токтосун.

КАДЫРКУЛОВ Мажит, КАДЫРКУЛОВА Уулбүбү, КАЗАКОВ Сүйүн, КАЗИЕВ Тологон, КАКЕЕВ Аскар, КАЛИЛОВ Кочкор, КАЛМУРЗАЕВ Каныбай, КАМЧЫБЕКОВ Надыржан, КАНИМЕТОВ Абдырай, КАРАБАЕВ Бектурсун, КАРАЕВ Өмүркул, КАРАКЕЕВ Исагалый, КАРАСАЕВ Хусейин, КАРАШОВ Ташмат, КАРИМБАЕВ Турап, КАРИМОВ Казимар, КАРИПОВ Орозбек, КАРПЫКОВА Жанылыш, КАРЫМШАКОВ Сапарбек, КАСЫМАЛИЕВ Кадыр, КАСЫМБЕКОВ Бейшебай, КАШКАЕВ Бейшен, КЕБЕКОВА Батма, КЕЛДИБЕКОВ Абдыбек, КЕНЕБАЕВ Жоробек, КЕНЧИЕВ Жапар, КЕРИМБАЕВ Сүйүн, КЕРИМБАЕВ Шарше, КЕРИМБЕКОВ Кулчоро, КЕРИМГАЗИЕВ Эркин, КЕРИМЖАНОВА Бубүй, КЕРИМКУЛОВ Ашымалы, КЕРИМОВ Сарбагыш, КОЖЕКОВ Жолдошбек, КОЖЕМЯКО Петр Н., КОЖОГУЛОВ Орозбек, КОЖОМБЕРДИЕВ Исман, КОЖОМКУЛОВ Темирбек, КОЖОНАЛИЕВ Сабырбек, КОПЧИЕВ Мухтар, КОПЧИЕВ Турар, КОПЧУМАНОВ Касым, КОЛОМЕЙЦЕВ Николай Т., КОРОЧИЕВА Салкын, КОШОЕВ Кемел, КОШОЕВ Муратбек, КӨЧӨРБАЕВ Мелис, КРИНИЦКАЯ Рима Р., КУДАЙБЕРГЕНОВ Кыдыркан, КУДАЙБЕРГЕНОВ Сарыбай, КУДАЯРОВ Дүйшө, КУЛБАТЫРОВ Дүйшен, КУЛМАТОВ Нуркемел, КУЛМАТОВ Темир, КУЛОВ Шаршен, КУРБАТОВ Валентин В., КУРМАНАЛИЕВ Кадыркул, КУРМАНБАЕВ Карачал, КУРМАНОВ Карыпбек, КҮЗӨКЕЕВ Мухтар, КУМУШАЛИЕВ Копбай, КУРӨГӨНОВ Абылас, КЫДЫРАЛИЕВ Акматбек, КЫДЫРАЛИЕВ Алымкул Т., КЫДЫРАЛИЕВ Аскер, КЫДЫНОВ Молдокерим, КЫДЫРАЛИЕВА Сакен, КЫРБАШОВ Кенеш, КЫШТООБАЕВ Шарабидин.

ЛАЙЛИЕВ Жумакан.

МАДЕЮЕВ Низам, МАКЕНБАЕВ Жээнбек, МАКЕНОВ Советбек, МАКЗУМОВ Илхам, МАЛАБАЕВ Жолдошбай, МАМАТСАЕВ Абимажит, МАМАТЮСУПОВ Абдраман, МАМБЕТАКУНОВ Алымкул, МАМБЕТАКУНОВ Токтогул, МАМБЕТАЛИЕВ Жээнбай, МАМБЕТАЛИЕВА Какен, МАМБЕТАЛИЕВ Сатыбалды, МАМБЕТКАЛИЕВ Султан, МАМБЕТОВ Айып, МАМБЕТОВ Шергазы, МАМБЕТОВА Райымбүбү, МАМБЕТСАДЫКОВ Батқулда, МАМБЕТСЕИТОВА Зина, МАМЫРОВ Мундуз, МАМЫРОВ Үсөн МАМЫТБЕКОВ Зайыр, МАМЫТОВ Бейшенби, МАМЫТОВ Жолон, МАМЫТОВА Жумаш, МАНСУРОВ Аглей, МАРАЗЫКОВ Бейшенбай, МАТИЕВ Кадырбек, МАТИКЕЕВ Курманалы, МЕДЕРОВ Октябрь, МЕДЕТБЕКОВ Аскар, МЕДЕТБЕКОВ Асылбек, МЕДЕТОВ Амангелди, МОКЕЕВ Анварбек, МОЛДАЛИЕВ Ысмайыл, МОЛДОБАЕВ Жануазак, МОЛДОБАЕВ Совет, МОЛДОКУЛОВ Рыскул, МОЛДОСАНОВ Советбек, МОЛДОЯРОВ Асанбек, МОЛДУСТАНОВ Токтор, МОМУНКУЛОВ Жумалы, МОҢОЛДОРОВА Вакеп, МОХОВА Галина А., МУЗАКЕЕВ Муканбек, МУКАМБАЕВ Жээнбай, МУРАТАЛИЕВ Маанайкул, МУРАТБЕКОВ Акылбек, МУРЗАБЕКОВ Табылды, МУРЗАКОЖОЕВА Сагипа, МУРСАЛИЕВ Асыркул, МУСАКОЖОЕВ Шайлоо, МУСАМОЛДОЕВ Тилек, МУСИН Хатмулла, МУТАЛИБОВ Селим, МЫРЗАБАЕВА Айнагул, МЫРЗАКОЖОЕВ Самар, МЫРЗАЛИЕВ Арстанбек, МЫРЗАЛИЕВ Сагынбек.

НАМАЗБЕКОВ Мамбетакун, НАМАТБАЕВ Сагын, НАРЫНБАЕВ Азиз, НИГМАТУЛЛИН Халит, НИКИШОВ Петр П., НОГОЕВ Кубат, НУРАКОВ Иманбек, НУРАЛИЕВ Аскар, НУРБЕКОВ Кубанычбек, НУРМАМАТОВ Досбол, НУРМАНБЕТОВ Мусса, НУСУПОВ Токбай.

ОГАЙ Сергей В., ОКЕНОВ Кадырбек, ОМОРОВ Ибраим, ОМОРОВ Мелис, ОМОРОВ Мукамеджан, ОРОЗАЛИЕВ Бекбоо, ОРОЗАЛИЕВ Султан, ОРОЗАЛИЕВ Токтогон, ОРОЗБАЕВА Алткан, ОРОЗГОЖОЕВ Бектур, ОРОКЧИЕВ Тенти, ОРУЗБАЕВ Асангалый, ОРУЗБАЕВА Бубүйна, ОСМОНАЛИЕВ Акматбек, ОСМОНАЛИЕВ Арстанбек, ОСМОНБЕТОВ Кубат, ОСМОНОВ Абдрай, ОСМОНОВ Анвар, ОСМОНОВ Мелис, ОСМОНОВ Сардар, ОТОРБАЕВ Кайын.

ӨЗБЕКОВ Сатар, ӨМҮРАЛИЕВ Аскар, ӨМҮРЖАНОВ Абдыжапар, ӨМҮРАЛИЕВ Темиркул, ӨМҮРАЛИЕВ Чынаш, ӨМҮРАЛИН Рустем, ӨМҮРЗАКОВ Жаанбай, ӨМҮРЗАКОВ Садыбакас, ӨМҮШЕВ Айдаркул.

ПАНКОВ Павел С., ПЕТРОВ Константин И., ПЕТРОВЕЦ Вера М., ПЛОСКИХ Владимир М.

РАИМКУЛОВ Кадыржан, РАХИМОВ Калый, РАХИМОВА Магрифа, РАХМАНАЛИЕВ Мелис, РАХМАНОВ Курманбек, РЕСНЯНСКИЙ Владимир Ф., РИСС Яков А., РЫСАЛИЕВ Кулан, РЫСАЛИЕВ Күмөн, РЫСБАЕВ Балкабек, РЫСКУЛОВ Адылбек, РЫСКУЛОВ Аманжан, РЫСКУЛОВ Кенеш, РЫСМЕНДЕЕВ Кадыркүн, РЫСПАЕВ Ишенбай, РЫЧКОВ Борис А., РЯЗАНЦЕВ Сергей Н.

САБЫРОВ Курбаналы, САГЫНБАЕВ Кочорбай, САГЫНДЫКОВ Касым, САГЫНОВ Жолдошбек, САДЫКОВ Абдыкадыр, САДЫКОВ Рысбек, САДЫКОВ Сейитбек, САДЫКОВ Тургунбай, САЙФУЛИН Равил, САКИМБАЕВ Акимжан, САКТАНОВ Кочкон, САМАГАНОВ Жээнбай, САМАНЧИН Тазабек, САМСАЛИЕВ Султаналы, САПЕЛКИН Алексей А., САРБАГЫШЕВ Бердибек, САРБАНОВ Кытайбек, САРГАЗАКОВ Жумакадыр, САРКЕЕВ Жокен, САРТБАЕВ Калкабай, САРТБАЕВ Каратай, САРЫМСАКОВ Женшн, САРЫМСАКОВ Шайдылда, САСПЕКОВ Сартбай, САСЫКУЛОВ Мукай, САТАРОВ Кадыбай, САТКЕЕВ Жамал, САТЫБЕКОВ Сакен, САТЫКЕЕВ Жаманкул, СЕЙДАКМАТОВ Касымбек, СЕЙИТКАЗИЕВА Ажар, СЕМЕНКОВ Василий Н., СМАНАЛИЕВ Абдылдабек, СПЕКТОРОВ Лев А., СУКЕЕВ Шайбек, СУЛАЙМАНКУЛОВ Дардайыл, СУЛАЙМАНКУЛОВ Какин, СУЛАЙМАНКУЛОВ Рашит, СУЛАЙМАНОВ Токтор, СУЛАЙМАНОВ Эртабылды, СУЛАЙМАНОВ Болот, СУЛАЙМАНОВ Кыдык, СУЛАЙМАНОВА Канышбүбү, СУЛТАНАЛИЕВ Асек, СУЛТАНБАЕВ Абдылдабек, СУЛТАНОВА Бейшекан, СУЛТАШОВА Мал, СУРТАЕВ Развидин, СУШАНЛО Мукамбет, СҮЙҮНБАЕВ Насирдин, СЫДЫГАЛИЕВ Качкыналы, СЫДЫКБАЕВ Асейин, СЫДЫКОВ Сагалы, СЫДЫКОВА Рахима, СЫРДЫБАЕВ Мадылбек, СЫРЫМБЕТОВ Абаз.

ТАБАЛДИЕВ Асанбек, ТАГАЙБАЕВ Жумакадыр, ТАЙГИН Фарид П., ТАКЫРБАШОВ Ава, ТАЛЫПОВА Батый, ТАТЫБЕКОВА Жанетта, ТАШТЕМИРОВ Жаки, ТЕКЕБАЕВ Большевик, ТЕЛТАЕВА Гуля, ТЕРМЕЧИКОВ Азиз, ТИШИН Алексей И., ТОЙБАЕВ Мырзабек, ТОКОБАЕВ Марат, ТОКОБАЕВ Султан, ТОКОЕВ Октябрь, ТОКОМБАЕВ Шайык, ТОКТОГОНОВ Султан, ТОКТОГУЛОВ Аман, ТОКТОГУЛОВ Мусур, ТОКТОМАТОВ Асел, ТОКТОНАЛИЕВ Алиясқар, ТОКТОРБАЕВ Сати, ТОКТОСУНОВ Асан, ТОКТОСУНОВ Мусабай, ТОХТОБАЕВ Мирахмет, ТӨЛӨГӨНӨВ Жакып, ТӨЛӨЕВ Жаныбек, ТӨРӨКУЛОВА Бурма, ТУГАНБАЕВ Асангазы, ТУРГУМБЕКОВ Зарыф, ТУРГУНБЕКОВ Рафик, ТУРДУКУЛОВ Аскер, ТУРСУНАЛИЕВ Жамангул, ТУРСУНОВ Аскар, ТУРУСБЕКОВ Мукан, ТУТЛИС Петр А., ТУКӨМБАЕВ Абдылда, ТУКӨМБАЕВ Асан, ТУЛӨГАБЫЛОВ Мукаш, ТЫНАЛИЕВА Турар.

УБАШОВ Азиз, УБУКЕЕВА Абида, УМАРОВ Мукамбет, УРАЗГЕЛЬДИЕВ Роберт Х., УРМАМБЕТОВ Карыбай, УСМАНОВ Уман, УСУБАКУНОВ Рахим, УСУБАЛИЕВ Алтымыш, УСУБАЛИЕВ Рысбек, УСУБАЛИЕВ Малик, УСУБАЛИЕВ Эрмат, УСУПБЕКОВ Шаршеке, УСУПОВ Мукай.

УМӨТАЛИЕВ Шаршебек, УМӨТОВ Жумалы, УРУСТӨНБЕКОВ Бейше, УСӨНБАЕВ Күшбек, УСӨНБЕКОВ Калыйпур.

ФАТКУЛИНА Нания, ФЕДОРОВ Михаил Н., ФИЛАТОВ Виктор Н., ХАЛМУРЗАЕВ Сапд, ХАСАНОВ Анварбек, ХИСАМУТДИНОВА Фавраз.

ЧАДАЕВА Күлүп, ЧЕКЕЛОВ Абакир, ЧЕКИРОВ Турсун, ЧЕЧЕЙБАЕВ Марат, ЧОКМОРОВ Эсенжан, ЧОКОЕВ Сатаркул, ЧОРМОНОВ Бакас, ЧОЧУНБАЕВ Ишибек, ЧӨКҮШЕВ Бейменалы, ЧОТУРОВ Жумадыл, ЧУКИН Арип С., ЧУКИН Талас С., ЧУКУБАЕВ Абдыкан, ЧУКУЛДУКОВ Качкынбай, ЧЫНГЫШОВ Кенеш.

ШАБАЛОВ Александр С., ШАЙДИЕВ Жапаркул, ШАКИРОВ Токтогул, ШАКИРОВ Эркин, ШАМБЕТОВ Садыкбек, ШАМГУНОВ Шамил, ШАМЕНОВА Канай, ШАМЫРКАНОВ Ыдырыс, ШАРШЕЕВ Жантай, ШАРШЕЕВ Ниязбек, ШАРШЕКЕЕВ Өзгөруш, ШАРШЕНАЛИЕВ Асанбек, ШАТЕМИРОВ Кадыр, ШЕРАЛИЕВА Роза, ШНЕЙДМАН Вениамин Н., ШҮКҮРОВ Эмил, БЫРСАЛИЕВ Дүйшөмбү.

ЭГЕМБЕРДИЕВ Илиис, ЭЛЕБЕСОВ Абдыманап, ЭРАЛИЕВ Закирбек, ЭСЕНАЛИЕВ Сүйүналы, ЭСЕНБЕКОВ Абдылдабек, ЭСЕНГЕЛДИЕВ Сатыбек, ЭСТЕБЕСОВ Калманбет, ЭШИМБЕКОВ Казыбай, ЭШИМКАНОВ Асек.

ЮНУСАЛИЕВ Мелис, ЮСУПОВ Илиис.

03
К 97

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ 1-т.

Башкы редактор А. ТАБАЛДИЕВ

I-том. А — Бюст. Сүрөт жана карталары менен 608 бет. Фрунзе ш., 1976-ж.

КИРГИЗСКАЯ СОВЕТСКАЯ ЭНЦИКЛОПЕДИЯ Т. I
(на киргизском языке)

Бул томго оюнку басма менен 20 баттама (179 сүрөт), түстүү чыгынкы басма менен 8 баттама (38 сүрөт), түстүү офсет басма менен 10 баттама (179 сүрөт), 20 баттама түстүү карта берилди. Тексттин ичинде 619 сүрөт менен 12 карта бар. Түстүү карталар СССР Министрлер Советинин геодезия жана картография боюнча башкы башкармасынын № 7 фабрикасында, оюнку басма менен жасалган баттамалар Казакстан КП БКнын басмаканасында, түстүү чыгынкы жана түстүү офсет басма менен жасалган баттама беттер Кыргыз ССР Мамбаском комитетинин Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинатында басылган.

Д—00080. Терүүгө 1975-ж. 16-январда берилди. Басууга 1976-ж. 13-апрелде кол коюлду. Форматы 84×108¹/₁₆. № 1 типографиялык кагаз. Колөмү 38 наста басма табак, 64,6 шарттуу басма табак +6,28 шарттуу басма табак баттама. Бардыгы 70,88 шарттуу басма табак. 120,23 учеттук табак. Тиражы 25000. Заказ № 122. Баасы 5 с. 06 т.

Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 720000. Фрунзе, Ленин проспекти, 197-үй.

Кыргыз ССР Мамбаском комитетинин Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461. Фрунзе—5, Жигули көчөсү, 102-үй.

К 97

0—1—1

Попд. пзд.

© Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1976.

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН 1-ТОМУНДА БАЙКАЛГАН КАТАЛАР

Бети	Тилкеси (солдон оңго карай)	Сабы: үстүнөн	Сабы: астынан	Басылганы	Туурасы
9	2	—	26	Быбордогу	Выборгдогу
25	1	7	—	отүү да	отүүдө
32	1	—	13	луу	улуу
40	2	32	—	ГЕС	ГЭС
55	3	—	16, 18	чаңдагычтарында	чаң алгычтарында
56	3	11, 12, 15	—	W, W_0 ж-а $W_{opt} = W_0$ (t)	ω, ω_0 ж-а $\omega_{opt} = \omega_0$ (t)
65	3	—	10	методикалык	методологиялык
118	2	9	—	түркүмүндогу	түкүмүндагы
119	3	28	—	transchania	tianschanica
126	1	7	—	түн.-чыг.	түн.-бат.
162	2	39	—	мад-т куугун-тукталат.	мад-т ишмерлери куугунтукталат.
166	1	—	9	түзүлү,	түзүлүп,
169	2	—	34	багыт	багытта
191	1	9	—	N_2O	N, O
203	1	—	11	10-к	19-к
206	2	35	—	А. Н. *Зинин*	Н. Н. *Зинин*
225	3	—	21	жез	же
239	3	—	19	улуу	уулу
240	1	—	8	кеңири коргошун-	кеңири колдонулат. А-ның составынан коргошун-
251	1	—	13	$A.\sum_{j=1}^{n}(-1)^{i+j}a_{ij}D_i$	$A=\sum_{j=1}^{n}(-1)^{i}a_{ij}D_{ij}$
277	3	—	2	Улутбек	Улугбек
281	3	8	—	—12,	—10,
283	3	—	15, 23	жазы	жайы
288	3	1	—	Варгам	Ваграм
311	3	—	34	адамдын фактор-лорун	адамдын психол. факторлорун
316	2	12	—	обочологонуудан	обочолонуудан
318	3	12	—	тукумдары	уруулары
331	1	8	—	лымдагы	кылымдагы
371	2	19	—	(Ursidae)	(Ursidae)
427	2	9	—	трафереттик	трафареттик
428	1	—	3	шевматикалык	шевматикалык
428	2	—	33	Батав	Батавия
434	1	1	—	австралиялык	австриялык
435	2	16	—	ой	ой
448	3	5	—	«Кон-Кихот»,	«Дон-Кихот»,
465	1	1	—	Комеристканын	Камеристканын
496	2	23	—	эмигранттары	эмираттары
555	—	—	—	«Брахиантиклиналь». «Брахисиклиналь» макалаларындагы чиймелер	«Брахиантиклиналь» макаласындагы чийме «Брахисиклиналь» макаласына тийиштүү ж-а тескерисинче
575	3	4	—	Б.	Б. мунарасы
585	2	5	—	Казанды	Казандык
589	1	8	—	Калан	Калян
597	3	23	—	рев-яларында	рез-яларында
598	3	25	—	аяксов	аякс

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

КАЛК ОРНОШКОН ПУНКТТАР

(Мамлекеттердин жалпы географиялык карталарындагы, чет мамлекеттердин аймактарыну административдик бирдиктер жана аралдар)

САЯСИЙ-АДМИНИСТРАТИВДИК МААНИСИ БОЮНЧА

- ● Чет мамлекеттердики, Чехословакия социалисттик республикаларынын жана союздук республикалардын борборлору
- ◉ АССРлардын, СССРдин крайларынын жана областарынын чет мамлекеттердин аймактарынун жана административдик бирдигинин борборлору
- ○ СССРдин автономиялык областарынын жана улут округдарынын борборлору
- ◎ СССРдин райондорунун жана чет мамлекеттердин административдик бөлүнүштөрүнүн борборлору
- ◦ Айыл-кыштактар
- Ири шаарлар

КАЛКТЫН САНЫ БОЮНЧА

ЛЕНИНГРАД	1 000 000 дон жогору	СССРдин жана чет мамлекеттердин шаар тибиндеги калк орношкон пункттары
ИРКУТСК	300 000 ден 1 000 000 ге чейин	
СМОЛЕНСК	100 000 ден 300 000 ге чейин	
Азов	30 000 ден 100 000 ге чейин	
Галич	10 000 ден 30 000 ге чейин	СССРдин шаар тибиндеги калк орношкон пункттары
Макат	10 000 ге чейин	
Кичево	10 000 ден 30 000 ге чейин	СССРдин кыштактары, чет мамлекеттердин шаарлары жана кыштактары
Ивановка	10 000 ге чейин	
Ханта	Шаардын чет жакалары	

ЧЕК АРАЛАР

- Мамлекеттик
- СССРдин уюлдук чеги
- Мамлекеттик такталбаган жана талаш
- СССРдин союздук жана Чехословакия социалисттик республикаларыныкы
- АССРлар, крайлар, областар жана чет мамлекеттердин өкмөттүк бөлүнүштөрү
- СССРдин автономиялык областары жана улут округдары
- Демаркациялык сызык
- Коруктар

Эскертүү Бирдей аталган административдик бөлүктөр экинчи жолу кайталанып жазылбайт

- Мамлекеттик
- СССРдин союздук республикаларыныкы

} Тоолуу өлкөлөрдүн, мамлекеттердин жана жарым аралдардын карталарында

ЖОЛ КАТНАШТАР

текст карталарында / *түстүү карталарда*

- Темир жолдор, тешкен тоолор
- Курулуп жаткан темир жолдор
- Рельсасыз жолдор
- Калкыма темир жолдор
- Деңиздеги каналдар
- Кеме жүрүүчү каналдар
- 1850 Деңиздеги кеме жолдору, аралыктар км менен
- а–деңиз порттору, б–дарыя пристандары

АР КАНДАЙ ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

- Таймаздар жана чөбөттөр
- а б Көлдөр: а–тузсуз, б–туздуу
- Жээктери өзгөрүлмө көлдөр
- 560 Көлдөрдүн деңиз деңгээлинен салыштырмалуу белгиси
- 651 Тереңдик белгиси
- Дарыялардагы кеме жүрүүнүн башталышы
- а б а–тосмолор, б–босоголор жана шаркыратмалар
- Кургап калуучу суулар
- Калкып жүрүүчү муздардын чеги
- Турактуу муздардын чеги
- Деңиздердин тоңуу чек арасы
- Сугат каналдары
- Бөгөттөр
- а б а–нефть түтүктөр, б–газ түтүктөр
- Баймркы дубалдар
- Архитектуралык эстеликтер
- Баймркы шаарлардын калдыктары
- Кумдар
- Лава талаасы
- Жээк өсүмдүктөрү
- Саздар
- Шорлор
- Аскалар
- Кургак сайлар (вади)
- Текстеги карталардын кургак сайлары (вади)
- Урчуктар
- Ашуулар
- Түбөлүк карлар, муздактар
- Материктик муздар
- Жанар тоолор
- •3738 Деңиз деңгээлинен бийиктик белги
- Балырлар
- Шуру рифтери
- Кудуктар

ДЕҢИЗ АГЫМДАРЫ

түстүү карталарда	текст карталарында
жылуу	
муздак	

ТҮНК – түндүк кеңдик
ТҮШК – түштүк кеңдик
Чуз. – чыгыш узундук
Буз. – батыш узундук

Гринвичтен чыгыш жана батыш узундук

ШААРЛАРДЫН СХЕМАЛЫК КАРТАЛАРЫНДАГЫ КОШУМЧА ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

	Шаарлардын чеги		Форттор
МОНМАРТР	Шаар райондорунун аттары		Соборлор жана чиркөөлөр
	Вокзалдар жана темир жол станциялары		Мечиттер
	Аэродромдор жана аэропорттор		Буда храмдары
	Стадиондор		Көрүстөндөр
	Доктор жана молдор		Парктар жана бактар

КАРТАЛАРДА КАБЫЛ АЛЫНГАН КЫСКАРТУУЛАР

а.	ашуу	*(кур.)*	курорт
АО	автономиялуу область	*Кч.*	Кичине
ар.	арал	*лаг.*	лагуна
ар-р	аралдар	*лим.*	лиман
ард.	аэродром	*муз.*	муздук
арп.	аэропорт	*мңү*	мөңгү
арх.	архипелаг	МЭР	Монгол Элдик Республикасы
АССР	автономиялуу советтик социалисттик республика	*О.*	Оң
ас.	аска	*обл.*	область
ат.	аттол	*обс.*	обсерватория
атн.	атындагы	*ойд*	ойдук
Б.	Батыш	*окр.*	округ
Бор.	Борбордук	*Орт.(ор-у)*	орто (ортоңку)
бсг	босого	*пров.*	провинция
бул.	булуң	*р-ка*	республика
бух.	бухта	*С.*	Сол
вкз.	вокзал	*суу с.*	суу сактагыч
гав.	гавань	ТАР	Түштүк Африка Республикасы
ГДР	Германия Демократиялык Республикасы	*тлш*	талаш
ГФР	Германия Федеративдик Республикасы	*Тмн*	Төмөн
дң.	дөңсөө	*т.(т-су)*	тоо (тоосу)
ЕАР	Египет Араб Республикасы	*тум.*	тумшук
ж.ар.	жарым арал	*Тун.*	Түндүк
Жгр	Жогорку	*Туш.*	Түштүк
Жң	Жаңы	*Ул.*	Улуу
жнр.т.	жанар тоо	*улк.*	улуттук
ЙЭДР	Йемен Элдик Демократиялык Республикасы	*унив.*	университет
к.	көл	*тңк*	тыңкыр
кан.	канал	*Ч.*	Чыгыш
кдк	кудук	*Чң*	Чоң
Кзл	Кызыл	*чңр*	чуңкур
к-на т.	кырка тоо	*шарт.*	шаркыратма
кр	корук	*элт.*	элет
кск	кысык	*Эс.*	Эски

МАМЛЕКЕТТЕРГЕ ТААНДЫК БЕЛГИЛЕР

(Австрал.)	Австралиянык	*(Колумб.)*	Колумбиянык
(АКШ)	Америка Кошмо Штатынык	*(Кыт.)*	Кытайдык
(Арг.)	Аргентинанык	*(Мекс.)*	Мексиканык
(Браз.)	Бразилиянык	*(Нид.)*	Нидерландиянык
(Брит.)	Улуу Британиянык	*(Норв.)*	Норвегиянык
(Венес.)	Венесуэланык	*(Порт.)*	Португалиянык
(Гондур.)	Гондурастык	*(Сауд Арав.)*	Сауд Аравиясынык
(Грец.)	Грециянык	*(ТАР)*	Түштүк Африка Республикасынык
(ГФР)	Германия Федеративдик Республикасынык	*(ТЙЭР)*	Түштүк Йемен Элдик Республикасынык
(Дат.)	Данияныкы	*(Түрц.)*	Турциянык
(Ж.Зел.)	Жаңы Зеландиянык	*(Филипп.)*	Филиппиндердики
(Инд.)	Индиянык	*(Фр.)*	Франциянык
(Индонез.)	Индонезиянык	*(Швед.)*	Швециянык
(Исп.)	Испаниянык	*(Экв.Г.)*	Экватордук Гвинеянык
(Ит.)	Италиянык	*(Югосл.)*	Югославиянык
(Кан.)	Канададанык	*(Яп.)*	Японияныкы

